Sözl.B/214

Kırgız Tilinin Tüşündürme Sözdügü

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

Редакторлор:
Э. АБДУЛДАЕВ, Д. ИСАЕВ

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1969

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

ТОЛКОВЫЙ СЛОВАРЬ КИРГИЗСКОГО ЯЗЫКА

Редакторы:
Э. АБДУЛДАЕВ, Д. ИСАЕВ

ИЗДАТЕЛЬСТВО «МЕКТЕП»
ФРУНЗЕ—1969

БАШКЫ СӨЗ

Кыргыз тили Совет бийлигинин жылдарында гана илимий изилдөөнүн объектисине айланды. Ал эми кыргыз лексикасынын байлыгын жыйноо, аны системага келтирип, сөздүккө камтуу иши академик К. К. Юдахин тарабынан негиз салынган жана кырк жыл бою талыкпай өнүктүрүлүп келген кыргыз лексикографиясынын иши менен бирдикте жүргүзүлүп келди. Кыргыз элинин тарыхында биринчи ирет пайда болгон «Кыргызча-орусча сөздүктүн» (М., 1940) материалдарын К. К. Юдахин 1920-жылдардан баштап жыйноого киришкен. Ал кезде жаңыдан гана жаралып, өнүгүү жолуна түшүп келе жаткан күндөлүк басма сөз, окуу китептери, адабий чыгармалар кыргыз лексикасынын ошол учурдагы абалын толук элестете алгыдай деңгээлге жете элек болчу. Ошондуктан бул сөздүктүн материалдары көбүнчө калктын оозеки речинен, фольклордук чыгармалардан—эпостордон, жомоктордон, элдик ырлардан, макал-ылакаптардан ж. б. жыйналып алынган эле. Ошондой болсо да бул сөздүк кыргыз лексикасынын өз учурундагы абалын мыктап көрсөтө алган жана жалпы тюркологиялык аренада бир канча жылдар бою алдына ат салбаган, теңдеши жок сөздүк катарында бааланып келди.

Бирок автор кыргыз лексикасынын байлыгын жыйноону жана изилдөөнү муну менен эле токтотуп койгон жок, анткени турмуштун тынымсыз алга карай жылышы, элдин маданий деңгээлинин, улуттук басма сөздүн, кыргыздын жазма адабиятынын, илим менен техниканын күн сайын кубаттуу өнүгүшкө ээ болушу менен кыргыз лексикасы да өзгөрдү: анын байлыгы күндөн күнгө артуунун, жаңы сөз каражаттары менен толукталуунун үстүндө болду, көп сандаган сөздөр семантикалык жана стилдик жылыштарга ээ болуп келди. Буларды К. К. Юдахин 1965-жылы экинчи ирет басылып чыккан «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» толугураак камтып, тилдик маданияттын сан жана сапат жагынан болгон кубаттуу өнүгүшүн кеңири фактылардын негизинде жеткире талдап бере алды. Бул сөздүк оригиналдуулугу, материалдарынын толуктугу жана кыргыз элинин тарыхына, этнографиясына, маданий байлыктарына, дүйнөгө көз карашына ж. б. байланыштуу болгон илимий фактылардын, этнографиялык справкалардын кеңири берилиши менен өзгөчөлөнгөн капиталдуу иш катарында 1967-жылы Мамлекеттик сыйлык алууга татыктуу болду.

Кыргыз адабий тилинин жаңы лексикалык байлыгы Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиштүү салтанаты менен түлдөгөн социалисттик улутка айланган кыргыз элинин маданий жана материалдык байлыктарынын ачык-айкын далили болуп саналат. Ошондуктан кыргыз лексикографиясы тилдин сөздүк составынан орун алган жаңы сөздөрдү, жаңы сөз маанилерин сөздүктөргө толугураак камтуу аркылуу коомдук турмуштун бул сыяктуу ийгиликтерин даана көрсөтүү милдетин ар дайым биринчи планга коёт.

Кыргыз лексикографиясында белгилүү мезгилге чейин эки тилдик (котормо) сөздүктөр боюнча гана иш жүргүзүлүп келген болсо, кийинки он жылдын ичинде анын багыты түшүндүрмө сөздүктү түзүү иштери аркылуу кеңитилди. Ал эми К. К. Юдахиндин жогорку айтылган сөздүктөрү кыргыз лексикографиясындагы жаңы багыт болуп саналган түшүндүрмө сөздүктүн ишине зор таяныч болду. Биринчиден, Тил жана адабият институтунун сөздүктөр боюнча секторунда 1957-жылдан тарта жыйнала баштаган картотека (түшүндүрмө сөздүктүн материалдык базасы) К. К. Юдахиндин ушул сөздүктөрүнүн материалдары аркылуу толукталып келди. Экинчиден, түшүндүрмө сөздүккө алынган сөздөрдүн, фразеологизмдердин маанилерин ажыратуу жана алардын тийиштүү түшүндүрмөсүн берүү жагына да бул айтылган сөздүктөр активдүү көмөк көрсөтө алды. Бирок, тилекке каршы, К. К. Юдахиндин кыргыз лексикасынын байлыгын кеңири камтыган кийинки (1965-жылы жарыкка чыккан) көлөмдүү сөздүгү бул түшүндүрмө сөздүктү түзүү иши толук аяктап, редакциялоо иши бир топ илгерилеп калган кезде гана колго тийгендиктен, анын бардык материалдарын бул сөздүккө камтууга мүмкүнчүлүк болгон жок.

Тил маданиятынын байлыгы калктын бүткүл турмуш тарыхы менен өмүрлөш, ал элдин нечен кылымдар бою өнүктүрүлүп, калыптанып отурган маданий жана материалдык байлыктары, аң-сезими, ой-пикири, коомдук турмушу, башка элдер менен болгон байланыш-катнашы ж. б. жактары менен тыгыз байланыштуу. Мына ошого жараша тил-

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:
Э. АБДУЛДАЕВ, Д. ИСАЕВ, Ж. МУРАТАЛИЕВА,
А. ТУРСУНОВ, Р. ШАМУРЗИНА, Ж. ШУКУРОВ

ИЛИМИЙ КОНСУЛЬТАНТ
КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
АКАДЕМИГИ, СССРдин
МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫГЫНЫН
ЛАУРЕАТЫ К. К. ЮДАХИН

дин лексикалык составы да ар дайым бир калыпта турбайт. Бирок тилдин лексикалык составынын бардык мезгилдеги абалын бир гана сөздүккө камтып көрсөтүү мүмкүн эмес. Адатта ар кандай сөздүк тилдин белгилүү бир доордогу гана лексикалык абалын көрсөтүүгө тийиш.

«Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» бул бир томдугуна кыргыз лексикасынын азыркы кезде активдүү колдонулуп жүргөн бөлүгү, тактап айтканда, адабий чыгармаларда, мектептерге арналган окуу китептеринде, илимий-популярдык эмгектерде, күндөлүк басма сөздө жана оозеки речте кеңири, активдүү колдонулуп жүргөн сөздөр киргизилди. Бул сөздөрдү тандап алууда түзүүчүлөр алардын массага түшүнүктүүлүгүн, адабий нормага ылайыктуулугун ж. б. жактарын эске тутушту.

Кыргыз лексикасы илимге, техникага, маданиятка, кең тармактуу чарбачылыкка, өндүрүшкө, ар кандай кесипчиликке ж. б. байланыштуу эң эле көп жаңы терминдер, профессионалдык лексиканын ар кандай жаңы фактылары менен толукталып, байып отургандыгы жалпыга белгилүү. Булар аркылуу биздин тил байлыгыбыздын кенчин толуктоо, өнүктүрүү жагына улуу орус тилинин канчалык зор таасир кылгандыгын ачык байкоого болот. Бирок бул түшүндүрмө сөздүк филологиялык эмгек болгондуктан, буга жогоркудай фактылардын бардык түрүн ала берүүгө болбойт. Ошондуктан терминологиялык лексиканын профессионалдык тар чөйрөдөн чыкпаган жана мааниси да кеңири массага жеткиликтүү тарабагандары алынбастан, күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп, мааниси жалпы массага жеткиликтүү, түшүнүктүү болгон терминдерге гана бул сөздүктөн орун берилди.

Тилдин сөздүк составы жаңы кабыл алынган же сөз жасоонун грамматикалык ыктары менен жасалып чыккан сөздөр аркылуу гана байыбастан, анын мурдагы материалдык негизинин жаңы түшүнүктөрдү билдирип, семантикалык жана стилдик жылыштарга ээ болушу аркылуу да өнүгүп, байып турат. Ошондуктан сөздөрдүн семантикалык структурасын ачуу жана аны иллюстрациялык материалдар менен аныктоо түшүндүрмө сөздүктүн эң башкы милдеттеринен болуп саналат. Бул сөздүктө да иштин ушул жагына көбүрөөк көңүл бурууну аракети жасалды.

Стилдик өзгөчөлүгү, колдонулуш сферасынын чектүүлүгү ж. б. жактары боюнча нейтралдык лексикадан айырмаланып турган сөздөр жана сөздүн айрым маанилери сөздүктө стилистикалык белгилер аркылуу ажыратылды. Бирок муну менен сөздүк бүтүндөй эле стилистиканын милдетин аткарууга тийиш деп түшүнүүгө болбойт. Мындагы стилистикалык белгилер сөздүктүн өз профилине ылайык колдонулат; тактап айтканда, сөздүккө алынган бүтүндөй бир сөздүн же анын айрым маанисинин эмнеге тийиштүү экендигин (профессионалдык мүнөздөбү, динге, мифологияга байланыштуубу, диалектилик лексикабы ж. б.), колдонулуш өзгөчөлүгүн (өтмө маанидеби, эскирген сөзбү, сүйлөө речиндеби) ж. б. жактарын көрсөтүп, нейтралдык лексикадан ажыратыш үчүн гана мындай белгилерди коюунун зарылчылыгы болду. Бул азыркы кыргыз тилинин бүткүл лексикалык составына стилистикалык мүнөздөмө берүү дегендикке жатпайт.

Уя башында (алфавит тартибинде) берилген сөздөрдүн грамматикалык мүнөздөмөсү төмөнкүдөй принцип боюнча иштелди: а) бардык сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө жата тургандыгы (зат, сын, сан, ат атоочтордун кайсынысы, этишпи, тактоочпу, сырдык сөзбү, туура-нды сөзбү ж. б.) атайын грамматикалык белгилер менен көрсөтүлүп отурду; б) этиштин мамиле формаларына, кыймыл атоочторго, иреттик сан атоочторго грамматикалык мүнөздөмө берилип, бирок ошол формалар менен келген сөздөрдүн лексикалык маанилери түшүндүрүлгөн жок, анткени мындай маанилер ошол формалар менен келген сөздөрдүн мурдагы (уңгу же негиз түрүндөгү) турушуна да таандык. Ошондуктан аны бир гана жолу түшүндүрүп, кийинкисине грамматикалык мүнөздөмө берүү толук жетиштүү. Бирок жогоркудай грамматикалык формада турган сөздөрдүн толук лексикалашып, башка сөз түркүмүнө жана башка мааниге өтүп кеткен түрлөрүн (маселен, **окуу: окуу китеби, окуу планы; согуш: согуш сыры, согушка каршы күрөшүү** ж. б.) сөздүктө өзүнчө түшүндүрүүгө туура келди. Булардын грамматикалык мүнөздөмөсү сөз түркүмдөрү боюнча гана берилди да, лексикалык маанилери өзүнчө макалада түшүндүрүлдү.

Элдин өткөн турмушу, эски салты, ишеними, чарбачылыгы, коомдук түзүлүшү жана башынан өткөргөн ар кандай тарыхый окуялары жөнүндө баяндаган адабий чыгармаларда, эпостордо же башка фольклордук чыгармаларда кезигүүчү эскирген сөздөр (историзмдер, архаизмдер), диндик түшүнүктөрдү билдирген атоолор да бул сөздүккө алынды жана тийиштүү стилистикалык белгилер менен ажыратылды.

Сөздүккө диалектилик лексиканын бардык түрү алынган жок. Адабий чыгармаларда (белгилүү жазуучулардын, акындардын чыгармаларында) кеңири учураган, жергиликтүү элдин чарбачылыгын, үрп-адатын ж. б. жактарын билдирген жана кеңири аймакка таралган диалектизмдерге бул сөздүктөн орун берилди. Академик К. К. Юдахин өзгөчө белгилеп көрсөткөндөй, кыргыз адабий тили алиге чейин түзүлүү стадиясында, ал диалектилик лексиканы өзүнө камтуу, анын эсебинен толукталуу, баюу доорунан азырынча өткүдөй боло элек (автордун бул пикирин кийинки «Кыргызча-орусча сөздүктүн» башкы сөзүнөн караңыздар). Демек, азырынча адабий лексика менен диалектилик лексиканын ортосуна чек коюу маселеси али чечиле электигин тануу болбойт. Кыргыз тилинин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүнүн кайсы фактысы диалектилик лексикага, кайсынысы адабий лексикага жатарын кээде так ажыратууга мүмкүн болбой да калат. Ошон-

дуктан бул сөздүктө диалектилик лексиканын талашсыз фактылары гана *диал.* деген стилистикалык белги менен ажыратылып, калгандарына мындай белги колдонулган жок.

Мааниси боюнча адабий нормага толук туура келип, бирок тыбыштык түрү боюнча гана өзгөчөлөнүп турган бир катар диалектизмдерди да сөздүккө алууга туура келди. Мындай диалектизмдер адабий тилдин орфографиялык нормасына кабыл алынган негизги түрүнө карай шилтенди (буга мисал катары **баки, тобулгу** деген диалектизмдердин орфографиялык жактан туура деп эсептелген **маки, табылгы** сыяктуу адабий түрүнө шилтенгендигин айта кетсек болот. Сөздүктүн бул өндүү принциптери жөнүндө «Сөздүктүн курулушу жөнүндө» деген мындан кийинки бөлүгүнөн караңыздар). Бирок сөздүккө кыргыз тилинин жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн түзгөн жогоркудай диалектизмдердин бардык түрүн ала берүүнүн зарылчылыгы болгон жок, анткени ансыз деле булардын көпчүлүгүн адабий тилдин орфографиялык нормасына сыйбаган нукура диалектилик факт катарында ажыратып кароого азыр толук мүмкүн болуп калды. Ошондуктан «с» аркылуу айтылган **кысыл, таса, кымыс, сарыл** (адабий тилде **кызыл, таза, кымыз, зарыл**), сөз башында «н» түшүрүлүп айтылган **ым, ике, айза** (адабий тилде **ным, нике, найза**), созулма үндүүлөрдүн ордуна дифтонгулар келип айтылган **тов, сув** (адабий тилде **тоо, суу**) ж. б. сыяктуу толуп жаткан диалектилик фактылар бул сөздүктө берилген жок.

Кыргыз тилиндеги көп варианттуу сөздөрдүн бардыгын тең эле жогоркудай мүнөздөгү диалектилик фактылардын тобуна кошо берүүгө болбойт. Булардын составында диалектилик чегин так ажыратууга мүмкүн болбогон (тактап айтканда,бир канча диалектилик объектилерди кучагына алган) эң эле көп сөздөр бар. Сөздүктө, мүмкүн болушунча, булардын орфографиялык туура вариантын аныктап көрсөтүү жагына көбүрөөк аракет жасалды. Бирок орфографиялык туура варианты кайсы экендиги азырынча так ажыратылбаган же орфографияда бардык түрүнө тең жол берилип жүргөн көп варианттуу сөздөр кыргыз тилинде али да болсо арбын. Бул сөздүктү түзүп жаткан мезгилде мына ушундай сөздөрдүн орфографиялык вариант деп эсептеле турган негизги түрүн башкаларынан бөлүп көрсөтүүгө толук мүмкүнчүлүк болбоду. Бул өндүү талаш маселелер чоң орфографиялык сөздүктө чечилиши керек эле. Тилекке каршы, андай сөздүк бул ишти даярдан жаткан мезгилде колго тие элек болчу. Ошондуктан бул сөздүктө орфографиялык жактан талаш туудуруучу жогоркудай сөздөрдүн туурасы бул, туура эмеси бул деп ажыратпастан, бир вариантын негизги кылып алып, ага түшүндүрмө берип, калган варианттарын ошого маанилеш сөз катарында шилтөөгө туура келди. Бул болсо сөздүктүн нормативдүүлүк жагы иштин башынан аягына чейин бирдей деңгээлде аткарылбагандыгын жана анын жогоркудай бир катар объективдүү себептери бар экендигин көрсөтөт. Бирок, толук нормада болбосо да, нормативдүүлүккө тийиштүү маселенин кээ бир жактары сөздүктө мүмкүн болушунча аткарылды. Булар сөздүктүн төмөнкүдөй бир катар принциптеринен ачык көрүнүүгө тийиш: а) стилистикалык белгилерди коюу аркылуу эскирген, сүйлөө речинде, өтмө мааниде колдонулган, диалектилик мүнөздө болгон ж. б. сөздөрдү нейтралдык лексикадан ажыратып берүү; б) көп варианттуу сөздөрдүн орфографиялык туура нормасын мүмкүн болгонунча аныктап көрсетүү; в) сөздөрдүн жана сөз маанилеринин тилде колдонулушун аныктоочу иллюстрациялык материалдарды келтирүү; г) сөздөрдүн грамматикалык жактан мүнөздөлүшү ж. б. Сөздүктүн мындай нормативдүүлүгү кыргыз адабий тилинин өнүгүшүндө иргелип, калыптанып, жалпы элдик мүнөзгө айланган жана айланып бара жаткан бирдиктүү нормаларга негизделди.

Сөздүккө жөнөкөй формадагы жеке сөздөр гана эмес, татаал лексикалык айкалыштардан турган фразеологиялык материалдар да берилди. Фразеология эң эле кеңири түшүнүккө ээ жана фразеологизмдердин түрлөрү да көп, бирок алардын өтө мүнөздүүлөрүн, тилде кеңири колдонулуп жүргөндөрүн гана алууга туура келди. Тил маданиятынын байлыгын, анын көркөм каражаттарынын кеңдигин көрсөткөн бул сыяктуу материалдар сөздүккө төмөнкүдөй эки түрдүү принцип боюнча жайгаштырылды: а) идиоматикалык айкалыштар жана фразеологизмдердин дагы башка түрлөрү белгилүү бир компонентинин макаласында ромб (◆) белгиси аркылуу алынып, мааниси түшүндүрүлдү; б) макалылакаптар жана фразеологиялык айкалыштардын бир катар башка түрлөрү сөздүккө алынган сөздөрдүн түрдүү контексттеги маанилерин ачуу үчүн мисал катары пайдаланылды.

Сөздүккө элдердин жана уруулардын аттары, энчилүү аттар (адам аттары, географиялык аттар ж. б.), уят (вульгарный) сөздөр, жеке стилде колдонулуучу сөздөр жана сөз маанилери алынган жок.

Түшүндүрмө сөздүктүн эң негизги милдети — сөздүккө киргизилген сөздөргө жана фразеологизмдерге филологиялык справочниктин нормасына ылайыктуу түшүндүрмө берүү. Мына ушул негизги өзгөчөлүгү боюнча гана ал түшүндүрмө сөздүк деп аталат. Түшүндүрмө сөздүк филологиялык эмгек болгондуктан, буга энциклопедиялык сөздүктөрдүн талабын коюу ылайыксыз. Мындагы түшүндүрмө сөздөрдүн лексикалык маанилерин ачуу үчүн өтө мүнөздүү белгилерге таянуу аркылуу жалпылап сыпаттоо, айрым учурда ошол сөздөрдүн синонимдерин колдонуу менен ишке ашырылат. Көп маанилүү сөздөрдүн ар бир мааниси өзүнчө айрым-айрым түшүндүрүлүп, ар бири тийиштүү иллюстрациялык материалдар менен бекемделет. Мына ушул айтылгандарды негизге

алып, «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» бул бир томдугуна алынган сөздөрдүн түшүндүрмөсүн кыска, ачык, жалпы мааниси окугандарга жеткиликтүү болгудай кылып берүүнүн аракети жасалды. Мунун канчалык деңгээлде ишке ашканын сөздүк менен таанышкан адамдар өздөрү айтууга тийиш.

Орус тили аркылуу кабыл алынган терминдердин жана башка сөздөрдүн түшүндүрмөсү негизинен орусча түшүндүрмө сөздүктөргө таянуу аркылуу берилди. Бирок булардын бардык маанилери эмес, кыргыз лексикасына өткөн, түшүнүгү жалпы массага жеткиликтүү болуп, кеңири колдонулуп жүргөн маанилери гана сөздүккө алынды.

Сөздөрдүн тийиштүү маанилерин ачуу иши негизинен түшүндүрүү жолу менен жүргүзүлүп, бирок ошол маанилерди далилдеш, аны дагы толугураак элестетиш үчүн ылайыктуу цитаталар жана сөз айкалыштары кошо тиркелди. Булар адабий чыгармалардан, фольклордон (эпостордон, жомоктордон, макал-ылакаптардан ж. б.), илимий-популярдык, публицистикалык, коомдук-саясий ж. б. мүнөздөгү материалдардан алынды. Айрымдары түзүүчүлөр жана редакторлор тарабынан берилди. Сөздүктүн иллюстрациялык материалдары сөз маанилерин ачуу үчүн гана эмес, ошол сөздөрдүн азыркы кыргыз лексикасында бар экендигин, анын кандай семантикалык бөлүнүштөргө ээ экендигин, стилдик өзгөчөлүгүн (өтмө маанидеби, эскирген сөзбү, диалектилик лексикага жатабы, терминологиялык мүнөздөбү ж. б.) аныктап, акырында аны сөздүккө алууга болобу же жокпу деген суроого жооп бере алат деген максатка ылайык тандалды. Лексикалык мааниси ачык, даана болгон жана семантикалык бөлүнүштөргө ажырап кетпеген терминологиялык лексиканын фактылары сөздүктө иллюстрациясыз берилди.

Бул эмгек филология илимдеринин кандидаты, лексикограф, маркум Жапар Шүкүрович Шүкүровдун жетекчилиги астында Институттун лексикология жана лексикография секторунун төмөнкү илимий кызматкерлери тарабынан түзүлдү: *Д. Абдылдаев* — К (каада — күлүк), Т (туш — туяктуу); *Р. Бекжанова* — К (күлүктүк — кыйчылдоо), Т (тура — тутуу), М (мүйүздүү — мына), Ш, Щ; *А. Биялиев* — Т (текшер — тергөөчү; ту — түйүр), Э, Ю, Я; *А. Давлетбаев*—А, М (мат — мүйүз), Н, С (саа—сөөк); *Д. Исаев*—С (сөөктө — сюртук); *К. Кырбашев* — Б, К (кыйшай — кювет), О, Ө, Т (туу — туфли), Ы; *Ж. Мураталиева*— В, Г, Д, Е, З, И, Л, М (маа— масштаб), Т (таа — текче; түйшүк — тюрьма); *Ж. Осмонова* — М (мындай — мээрман), У, Ү, Ф, Х, Ц, Ч; *Р. Шамурзина*— Ж, П, Р, Т (терде — тур).

Түшүндүрмө сөздүк түзүү иши — кыргыз лексикографиясынын практикасында биринчи ирет колго алынып отурган жаңы иш. Ал эми бул бир томдук болсо, тажабай эмгектенүүнү, талыкпай изденүүнү талап кылган мына ушул татаал иштин алгачкы жемиши. Бул саамалык сектордун лексикографиялык иштерге биринчи ирет катышып отурган жаш илимий кызматкерлери тарабынан даярдалгандыгын да эскерте кетишибиз керек. Ар бир жаңы башталган чоң иштин жаралганда эле телегейи тегиз боло бербеген сыңары, мунун да жеткире иштелбеген мүчүлүш жактары жок эмес. Буга кыргыз лексикасынын бардык материалдары (сөздөр жана сөз маанилери, фразеологизмдер) толук бойдон камтылды деп айтууга болбойт. Академик К. К. Юдахиндин кийинки басылып чыккан көлөмдүү, кыргыз лексикасынын байлыгын кеңири камтыган сөздүгүнөн пайдаланып, мурда берилбей калган кыйла жаңы материалдарды редакциялоо учурунда киргизүү аракети да жасалды, бирок анын бардыгын толук бойдон киргизүүгө редакторлор үлгүрө алышкан жок. Мындай маселелер азыр бир кыйла кеңитилип жана толукталып түзүлүп жаткан кыргыз тилинин эки томдук түшүндүрмө сөздүгүндө эске алыныш керек.

Бул сөздүктүн түзүлүп бүтүп, редакциялык коллегия тарабынан бир сыйра каралып чыккандан кийинки материалынын жалпы абалы тажрыйбалуу лексикограф К. К. Юдахиндин жана бир катар тилчи адистерибиздин катышуусу менен өткөрүлгөн кеңири талкууда ачык белгилүү болгон эле. Талкууда сөздүктүн кол жазмасын басмага даярдоо үчүн редакторлор тарабынан дагы бир топ иштелүүгө тийиш деп көрсөтүлгөн болчу.

Сөздүктүн мындай абалы анын редакциялык ишин тездетүүгө мүмкүнчүлүк берген жок. Сөздүк эки жыл бою редакцияланып, бир топ аракет менен азыркы абалына жеткирилди. Редакциялоо гана эмес, анын материалынын кыйла бөлүгүн кайрадан түзүп чыгууга да туура келди. Бул иш сектордун төмөнкү кызматкерлери тарабынан аткарылды: *Э. Абдулдаев* — Б, В, Г, Д, Е, Ж, С, Т (таа—тоголок), У, Ф, Х, Ц, Ш, Щ, Ы, Э, Ю, Я; *Д. Исаев* — А, З, И, К, Л, М, Н, О, Ө, П, Р, Т (тоголокто — тюрьма), У, Ч.

Кыргыз лексикасынын байлыгын жыйноочу, изилдөөчү, тажрыйбалуу лексикограф жана бул иштин консультанты катарында академик К. К. Юдахин сөздүктү түзүүчүлөргө өзүнүн баалуу кеңештерин айтып, нечен жолку талкууларга катышып, сектордун ишине көмөктөш болуп келди. Сөздүктүн айрым талкууларына республикабыздагы бир катар көрүнүктүү тилчи адистерибиз да активдүү катышып, иштин сапатын жакшыртуу жагына өз үлүштөрүн кошушту. Сөздүктүн редакцияланып бүткөн кол жазмасын басмага даярдоо иши педагогика илимдеринин кандидаты С. Шатмановдун катышуусу менен аткарылды.

Э. Абдулдаев, Д. Исаев

СӨЗДҮКТҮН ҚУРУЛУШУ ЖӨНҮНДӨ

1. Сөздүккө алынган сөздөр алфавит тартибинде берилди. Андан кийин ар бир сөздүн макаласын түзүүчү материалдар (сөз маанилеринин түшүндүрмөсү же сөздүн грамматикалык мүнөздөмөсү, иллюстрациялык материалдар) жайгаштырылды.

2. Сөздөрдүн варианттары төмөнкүдөй тартипте берилди:

а) Орфографияда бардык варианттарынын жазылышына жол берилген жана практикада да бардык варианттары кеңири колдонулуп жүргөн сөздөрдүн негизги бир вариантына гана түшүндүрмө берилип, калгандары ошого карай «менен бирдей» деп көрсөтүлүп шилтенди. Мисалы:

БАРДЫҚ *ат.* ...
БАРЛЫҚ бардык менен бирдей.
ГАУХАР каухар менен бирдей.
ҚАУХАР *зат.* ...

б) Эгер көп варианттуу сөздөрдүн орфографиялык нормага туура келбеген варианттары ачык белгилүү болуп турса, алар туурасына карай шилтенип, төмөнкүчө берилди:

ЖЫГЫРМА *туурасы*: **жыйырма.**
ЖЫНЖЫР *туурасы*: **чынжыр.**
ҚАРЫНДАШ II *туурасы*: **карандаш.**

в) Семантикалык жактан окшоштугу бар сөздөрдүн бирөөнө түшүндүрмө берилип, калгандары ошого маанилеш сөз катарында «менен бирдей» деп көрсөтүлдү. Мисалы:

ДАЛДАЛ *зат.* ...
ДАЛДАЛЧЫ далдал менен бирдей.
ЖАПАЙЫ *сын.* ...
ЖАПАН жапайы менен бирдей.
ЖЕРИК талгак менен бирдей.
ТАЛГАҚ *зат.* ...
ТАЙГАҚ *сын.* ...
ТАЙГАЛАҚ тайгак менен бирдей.

3. Сөздүктө омонимдердин ар бири өзүнчө макала менен берилип, рим цифрасы аркылуу ажыратылды. Мисалы:

СЫР I *зат.* (сырдоо үчүн колдонулуучу материал, боёк).
СЫР II *зат.* (жашырын сыр, ички сыр).
СЫР III *зат.* (азык үчүн колдонулуучу зат).

Этиш сөздөрдөн турган омонимдердин ар биринин кыймыл атоочтук жана мамиле этиш формалары сөздүктө айрым-айрым макала менен берилбестен, бир гана макалага бириктирилип, төмөнкүчө берилди:

АТҚАР I ...
АТҚАР II ...
АТҚАРУУ аткар этиштеринин кыймыл атоочу.
АТҚАРЫЛ аткар этиштеринин туюк мамилеси.
АТҚАРЫШ аткар этиштеринин кош мамилеси.

4. Сөз түркүмдөрү боюнча аныктоо үчүн сөздүккө алынган ар бир сөздөн кийин *зат.*, *сын.*, *сан.*, *ат.*, *этиш.*, *сырд.*, *бөл.* ж. б. сыяктуу грамматикалык белгилер коюлду (булардын жалпы тизмеси «Шарттуу кыскартууларда» берилди).

5. Этиштер сөздүккө буйрук ынгай формасында (**ал, бер, иште, текшер**) жана кыймыл атооч (**алуу, берүү, иштөө, текшерүү**), мамиле этиш (**алдыр, бердир, иштет, текшерт** ж. б.) формасында алынды, бирок түшүндүрмө этиштердин буйрук ынгай формасындагысына гана берилди. Кыймыл атоочторго жана мамиле этиштерге түшүндүрмө берилбестен, алар кайсы этиштин формасы экендиги гана көрсөтүлдү. Мисалы:

ТЕКШЕР *этиш.* ...
ТЕКШЕРИЛ текшер этишинин туюк мамилеси.
ТЕКШЕРИШ текшер этишинин кош мамилеси.
ТЕКШЕРТ теқшер этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕКШЕРҮҮ текшер этишинин кыймыл атоочу.

6. Эгер мамиле формасындагы этиштер негизги маанисинен тышкары турган дагы башка лексикалык мааниде колдонулган болсо, сөздүктө ал маани өзүнчө түшүндүрүлдү. Мисалы:

БААЛАН 1. баала этишинин өздүк мамилеси.

2. Өзүн-өзү жогору көтөрүү, маалкатуу.

ЖАНДАТ 1. жанда этишинин аркылуу мамилеси.

2. Бир нерсенин четин чыгарып, кыйытып айтуу, каңкуулап айтуу. *Өзү түшүнөр дегенсип, жандатып койду* (Сыдыкбеков).

7. Өз алдынча колдонулбай, ар дайым башка бир сөз менен айкалышып келүүчү сөздөр төмөнкүчө берилди:

ЖАНСАР: чала жансар — ...

ЖАҢСЫЛ: бир жаңсыл — ...

СУЙ: суй жыгылуу — ...

8. Дайыма же көбүнчө кайталанып айтылуучу сырдык сөздөр менен тууранды сөздөр негизги айтылыш формасы боюнча төмөнкүчө берилди:

КҮЧҮ: күчү-күчү *сырд.* ...

ҚЫТЫ II: қыты-қыты *сырд.* ...

ЧАҢ II: чаң-чуң *туур.* ...

ЧЫП: чып-чып *туур.* ...

9. Көп маанилүү сөздөрдүн бири-биринен айкын ажырап турган ар бир лексикалык мааниси араб цифрасы аркылуу айрым-айрым көрсөтүлдү. Сөздөрдүн бул сыяктуу өз алдынча маани болуп бөлүнбөй, бири-биринен азыраак гана өзгөчөлөнгөн оттенкалары үтүрлүү чекит (;) менен ажыратылды.

10. Татаал сөздөр (кош сөздөр, кошмок сөздөр) жана фразеологизмдер белгилүү бир компонентинин макаласында ромб (◆) белгисин коюу аркылуу берилди. Эгерде алардын кеңири колдонулуп жүргөн бир нече варианттары бир жерде берилүүгө туура келсе, алардын аралары «*же*» менен ажыратылды. Мисалы:

◆ **Кан таламай** *же* **кан талакей** — ...

Эгерде татаал сөздөр же фразеологизмдер бир гана компонентинин макаласында берилбей, башка компонентинин макаласында да кайталанып берилсе, анда алар бир гана макаланын ичинде түшүндүрүлөт да, экинчи кайталанган жеринде *к.* (кара) деген белги аркылуу түшүндүрмө берилген макалага карай шилтенет. Мисалы: **Ач көз** *к.* **көз. Ач карын** *к.* **карын. Ач күзөн** *к.* **күзөн** (булар „**АЧ**“ деген сөздүн макаласынан келтирилди, түшүндүрмөлөрү „**КӨЗ**“, „**ҚАРЫН**“, „**КҮЗӨН**“ деген сөздөрдүн макалаларынан каралсын деп шилтенген).

11. Стилистикалык жактан мүнөздөөгө же лексиканын кайсы түрүнө жатарын (диалектилик лексикагабы, терминологиялык лексикагабы ж. б.) аныктап көрсөтүүгө тийиш болгон сөздөр жана сөз маанилери үчүн сөздүккө атайын шарттуу белгилер колдонулду. Мисалы: *сүйл.* — сүйлөшүү же оозеки речте колдонулуучу сөздөр үчүн алынган белги; *эс.* — эскирген сөздөр үчүн алынган белги; *диал.* — диалектилик лексикага жатуучу сөздөр үчүн алынган белги; *өт.* — өтмө мааниде айтылган сөздөр үчүн алынган белги ж. б. (булардын жалпы тизмеси «Шарттуу кыскартууларга» тиркелди).

12. Сөздүктүн иллюстрациясын кеңитип жибербөө үчүн цитаталарды кыскараак алууга аракет кылынды. Ошондуктан кээ бир узун сүйлөмдөрдүн айрым бөлүктөрү кыскартылып, ордуна эки чекит (..) коюлуп берилди. Сүйлөмдүн жалпы мааниси түшүнүктүү болсун үчүн кээ бир цитаталардагы түшүрүлүп калган сүйлөм мүчөлөрү чарчы кашаага алынып, ошол цитатанын тийиштүү жерине киргизилди. Мисалы: [*Динар*] *Аскардын таптаза урунган күндөлүгүн*.. *булгап койгонуна өкүндү* (Сыдыкбеков).

13. «Советтик адабият жана искусство» деп аталган журналдан (азыркы «Ала-Тоо») алынган иллюстрациялык материалдар үчүн сөздүктө «САЖИ» деген кыскартуу колдонулду. Калган журналдар менен газеталардын наамдары толук бойдон берилди.

ШАРТТУУ ҚЫСКАРТУУЛАР

ав.— авиация
ад.— адабияттык
анат.— анатомиялык
археол.— археология
архит.— архитектура
астр.— астрономия
ат.— ат атооч
а. ч.— айыл чарба термини
байл.— байламта
биол.— биология
бот.— ботаника
бөл.— бөлүкчө
бухг.— бухгалтериялык термин
вет.— ветеринария
геогр.— география
геод.— геодезия
геол.— геология
грам.— грамматика
дең.— деңиз термини
диал.— диалектилик сөз
дипл.— дипломатия
дин.— диний сөздөр
жанд.— жандооч
ж. б.— жана башка
зат.— зат атооч
зоол.— зоология
иск.— искусство
к.— кара
кино.— кинематография
кул.— кулинария
линг.— лингвистика
мат.— математика
мед.— медицина
метеор.— метеорология
мис.— мисалы
миф.— мифология
мод.— модалдык сөз
муз.— музыка
өт.— өтмө мааниде
пед.— педагогика
полигр.— полиграфия
психол.— психология
радио.— радиотехника
сан.— сан атооч
саяс.— саясий
сог.— согуштук термин
спорт.— спорттук термин
сүйл.— сүйлөшүү, оозеки речте
сын.— сын атооч
сырд.— сырдык сөз
такт.— тактооч
тар.— тарых
театр. — театралдык термин
тех.— техника
т. ж.— темир жол термини
туур.— тууранды сөз
фарм.— фармакология
физ.— физика
филос.— философия
фин.—финансалык термин
фото.— фотография
хим.— химия
эк.— экономика
эл.— электротехника
эс.— эскирген сөз
этн.— этнография
юр.— юридикалык термин

КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ

Тамгалардын жазылышы	Тамгалардын аттары	Тамгалардын жазылышы	Тамгалардын аттары
Аа	а	Пп	пэ
Бб	бэ	Рр	эр
Вв	вэ	Сс	эс
Гг	гэ	Тт	тэ
Дд	дэ	Уу	у
Ее	е (йе, э)	Үү	ү
Ёё	ё (йо)	Фф	эф
Жж	жэ	Хх	ха
Зз	зэ	Цц	цэ
Ии	и	Чч	чэ
Йй	ий	Шш	ша
Кк	ка	Щщ	ща
Лл	эл	Ъ	ажыратуу белгиси
Мм	эм	Ыы	ы
Нн	эн	Ь	ичкертүү белгиси
Ңң	ың	Ээ	э
Оо	о	Юю	ю (йу)
Өө	ө	Яя	я (йа)

А

А I *ат. сүйл.* Ал. *Айбалтачан жалгыз көз, А да кирди камынып* («Манас»). *А күнү катын Айчүрөк Алп уйкуну салды эми* («Сейтек»).

А II: а деп — эң алды менен, биринчи иретте, ириде. *А деп [көйнөктү] кийип алып кубангандан беш-алты тегереген* (Сыдыкбеков). **А дегенде** — оболу, мурда, биринчи иретте, башында, баштаганда. *Кайыр а дегенде түшүнгөн жок* (Аалы). *А дегенде орун тар келип, кысылышып, артыкча эл арты болуп [машинага] түшкөн үч адамга убал болду* (Сыдыкбеков). **А-бу деп айтуу** — өйдө-төмөн кептерди айтуу, бирдеме деп сүйлөө. *Жанында тургандардын бирөө да а-бу дегенге жараган жок* (Бейшеналиев). *Сизди качан а-бу дейт деп эле олтурабыз* (Бейшеналиев). **А-бу дешип калуу** — айтышып калуу, жаман-жакшы айтышып калуу. **А дээрге алы калбоо** — абдан шайы кетүү, дарманы бошоо. *А дээрге алы калган жок, Азыр өлсө арман жок* («Эр Төштүк»).

А III *сырд.* Таң калгандык, өкүнгөндүк, нааразы болгондук сыяктуу ички сезимди билдирүүдө колдонулат. *А, кокуй, катаңы эми билбедимби. Карачы, күзгүдөн өз иреңиңди* (Осмонов). *А, жасаган, — деди Күмүш, — кедейди мынча эмне кор кылып жараттың?* (Баялинов). *А, айланайын, менин уулум ак сүтүмдү актабай койду!* (Тоголок Молдо).

А IV *байл.* Сүйлөмдөрдү байланыштыруу үчүн колдонулат. *Үоордун ичин караса жыгач сыяктуу, а сырты такыр түшүнүксүз бирдеме* (Жантөшев). *Мария да анча эмес, а тигил безилдеген Акия Чаргын байкушту оттон алып сууга салып жатат* (Сыдыкбеков).

А V *бөл.* Ырастоо, күчөтүү маанисинде колдонулат.

— Ойбой... Ушундай да ачуу болот экен а! Тим эле куйкалап кетти, — деди Ашымбай (Абдукаримов). *Силерге менин каным керек эмес, дүнүйөм керек а!* (Аалы).

АА *сырд.* Таң калгандыкты, кейигендикти, өкүнгөндүктү бир нерсени эстегендикти билдирүүдө колдонулат. *Аа, айланайындар, ырас айтасыңар* (Турусбеков). *Аа, Берди үкемсиңби? Түзүк, түзүк...* (Жантөшев). *— Асан?Аа, аны мен унуткан экемин* («Советтик Кыргызстан»).

ААЛАМ *зат.* 1. Дүйнө, дүйнө жүзү, жер жүзү. *Ааламга биздин шаңыбыз Үгулуп жатат дүңгүрөп* (Осмонкул). *Чарк айланып ааламды Издегени эп экен* («Семетей»).

2. Асман мейкиндиги. *СССР ааламды үйрөнүп билүү ишинде башка өлкөлөрдүн алдында баратат* («Коммунист»). *Адамдар өзөлден бери ааламга учуп чыгууну эңсешкен эле* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Он сегиз миң аалам** — жан-жаныбарлары, өсүмдүктөрү менен бирге бүт дүйнө. *Ала-Тоо батыш менен чыгышыңа Тургандай он сегиз миң аалам сыйып* (Осмонкул).

ААЛЫМ *зат. эс.* Окумуштуу, улама.

ААРЧУУ аарчы этишинин кыймыл атоочу.

ААРЧЫ : **бет аарчы** *же* **жүз аарчы**— бети-колду сүртө турган кол жоолук. *Катуу ыктыткан Майлыш кудасынан алган жүз аарчысы менен жамажайларын сүртө, буйдалбастан жооп берди* (Абдумомунов).

ААРЧЫ II *этиш.* 1. Сүртүү, тазалоо. *[Карып]... чекесинде назик мончоктой быжырап турган терди аарчыды* (Абдукаримов).

2. Бир нерсенин кабыгын сыйруу, кабыгын ажыратуу. *Ышкынды сындырып, кабыгын аарчып жиберип, Аскар бир жактан [Ашымды] шаштырды* (Сыдыкбеков).

ААРЧЫЛ аарчы этишинин туюк мамилеси.

ААРЧЫТ аарчы этишинин аркылуу мамилеси.

ААРЧЫШ аарчы этишинин кош мамилеси.

ААРЫ *зат.* Гүлдүн ширесин чогултуп, аны балга айландыруучу чымын-чиркейдин бир түрү. *Бал аары. Жапан аары.*

◆ **Аарынын уюгундай** — 1) уу-дуу, ызы-чуу; 2) белгилүү бир тартипте эмес, бөөтчөөт. *Аарынын уюгундай болгон үйлөр.*

АБА I *зат.* 1. Жалпы эле өзүнөн улуу эркектерге кайрылганда айтылуучу сөз. *Асманга шилтеп кызылын Абамдар кырман сапырды* (Мидин). *Эрмек болуп берейин, Кулак салгын, жаштарым, Картайган Токоң, абаңа!* (Токтогул).

2. *диал.* Өзүнөн улуу эркек бир тууган, ага, аталаш туугандар, байке. *— Мендирман абам! — деди да, Бала тышка чуркады* (Жантөшев).

АБА II *зат.* 1. Жердин атмосферасын түзүүчү, негизинен азот менен кислороддон турган газдардын аралашмасы.

Таза абада жүрсөң, көңүлүң ачык болот, эч жериң оорубайт (Абдумомунов).

2. Асман мейкиндиги, көк. *Балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып абага көтөрүлдү* (Сыдыкбеков). *Абада куштай айланган, Учкуч болуп алсакпы?* (Барпы).

3. Климат. *Абасы салкын, атыр жел, Ак кардуу жайык төрдө экен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жери, суусу, абасы тез өзгөрттү, Жаш болсом да башымда ак чачтар бар* (Осмонов).

◆ **Аба ырайы** — атмосфераның абалы (тумандуулук, нымдуулук, жаан-чачын, абанын температурасы ж. б.).

АБАД *сын.* Эл орношкон, жайлуу; гүлдөгөн, көрктөндүрүлгөн (жай, орун жөнүндө). *Сен жүргөн жериң баары абад. Шириндигиң — аккан суу* (Барпы). *Эл бар жердин шаары Абад болот турбайбы* (Барпы).

АБАЖУР *зат.* Лампанын үстүнө кийгизилүүчү калканч калпак.

АБАЙ *зат.* Этияттык, сактык, байкагычтык. *[Кайыр] башын көтөрүп, абай менен эшик жакты акмалады* (Аалы).

АБАЙЛА *этиш.* 1. Этият болуу, сак болуу, сактануу; көңүл бөлүп байкоо. *Кылдаттык менен абайлап, Жоонун сырын алгыла!* («Мендирман»). *Айырбай көздөн дүрбүнү абайлап Жапар тиктеди* (Бөкөнбаев).

2. Токтой туруу, коё туруу. — *Мария Николаевна, жарым мүнөт абайлаңыз* (Бейшеналиев).

АБАЙЛАТ абайла этишинин аркылуу мамилеси.

АБАЙЛОО абайла этишинин кыймыл атоочу.

АБАЙСЫЗ *сын.* Байкоосуз, этиятсыз, сактык кылбастан. *Абайсыз карматып салды.*

АБАЙЫ *зат. эск.* Баалуу материянын бир түрү. *Абайы көпчүк. Абайы үртүк.*

АБАК *туурасы*: **набак.**

АБАКТЫ *туурасы*: **набак.**

АБАЛ I *зат.* 1. Ал, ал-жай; шарт. *Абалың кандай болду деп, Сурарым аман бар бекен?* («Курманбек»). *[Чаргын] ... бир саамда өзүнүн эмне абалда олтурганын сезбей калды* (Сыдыкбеков). *Тамак жеп жаткандын ортосунда Асанбай колхоздун абалын Андрейден сурап алды* (Байтемиров).

2. Нерсенин белгилүү бир шарттагы көрүнүшү. *Заттын газ түрүндөгү абалы.*

АБАЛ II обол менен бирдей.

АБАЛА *этиш.* Ажылдап үрүү, тынымсыз, асыла үрүү. *Коңшулаш короодон иттердин абалаганы угулду* (Абдукаримов). *Койчунун кою тескери карай дыргып, Аламойнок абалап жөнөдү* (Сасыкбаев).

АБАЛАК *зат.* Ордо оюнунда чүкө атуу үчүн колдонулуучу мүйүздөн жасалган томпой сыяктуу нерсе. *Абалак менен чүкө чертүү.*

АБАЛАТ абала этишинин аркылуу мамилеси.

АБАЛДАН оболтон менен бирдей.

АБАЛКЫ оболку менен бирдей.

АБАЛОО абала этишинин кыймыл атоочу.

АБАЛТАН оболтон менен бирдей.

АБАЛЫ оболу менен бирдей.

АБАН обон менен бирдей.

АБАТ I набат менен бирдей.

АБАТ II абад менен бирдей.

АББРЕВИАТУРА *зат.* 1. Кыскартылган сөздөр, мис., *райком, СССР.*

2. Жазууда сөздөрдүн шарттуу түрдө кыскартылып алынышы, мисалы, *ж. б.* — жана башка.

АБДАН *бөл.* Өзүнөн кийинки сөзгө күчөтүү маанисин берет. *Биздин элибиз партиябызды жана өкмөтүбүздү абдан ардактайт* («Советтик Кыргызстан»). *Аттуулар үйгө бурулбай туз келатышына Алыбек абдан таң калды* (Жантөшев).

АБДЕСТЕ *зат.* Көбүнчө колго суу куюу үчүн колдонулуучу кумган сыяктуу жеңил идиш. *Бекжан абдесте менен чылапчынды апкелип меймандардын колуна суу куйду* (Абдукаримов).

АБДЫРА I *зат.* Чоң сандык.

АБДЫРА II *этиш.* Далдыроо, калтаароо. *[Чыныгул].. абдырап, эмне кыларын билбей шалдая түштү* (Жантөшев).

АБЖИП *зат.* 1. Ырым-жырымга ишенген кишилердин түшүнүгү боюнча: көңүлсүнөөй, бой сунбай койгон эркектерди же аялдарды өзүн жакшы көрсөтүү, көңүлүн өзүнө имерүү, сүйдүрүү максатында дубалатуучулук.

2. Ырым-жырымга ишенген кишилердин түшүнүгү боюнча: жогоркудай ырым-жырымдан кийин болуучу оору.

АБЖОР *сын.* Шамдагай, эпчил, айлакер.

АБЗАЦ *зат.* 1. Жазуудагы жол башындагы кемтик. *Абзац менен жазуу.*

2. Чегинтилип башталган бир жол менен чегинтилип башталган экинчи жолдун аралыгындагы текст.

АБЗЕЛ *сын.* Эң сонун, эң жакшы.

АБИЙИР *зат.* 1. Бедел, авторитет, кадыр-барк, жакшы атак, аброй. *Эки доону бир келсе, абийириңдин кеткени, эки оору бир келсе, ажалыңдын жеткени* (макал).

2. Уят, уят-сыйыт; ар, намыс. *Абийири жок жигиттер Агасы менен чет болот* (Токтогул).

◆ **Абийири айрандай төгүлүү** — абдан уят болуу, маскара болуу.

АБИЙИРДҮҮ *сын.* 1. Кадырлуу, авторитеттүү. *Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат* (макал).

2. Уяттуу, ар-намыстуу. *Исмаиловдун звеносу берген убадасын абийирдүү аткарды* («Кыргызстан аялдары»).

АБИЙИРДҮҮЛҮК *зат.* Уят-сыйыттуулук, ар-намыстуулук. *Алган милдеттенмени абийирдүүлүк менен аткарабыз!* («Ала-Тоо»).

АБИЙИРСИЗ *сын.* Уятсыз, уяты жок. *Абийирсизге арачы болсоң, ар кайсы жерин томуйбайбы* (Жантөшев).

АБИЙИРСИЗДИК *зат.* Уятсыздык,

уяты жоктук. — *Ал эмне деген абийирсиздик? Уят кайда?* (Жантөшев).

АБИТУРИЕНТ *зат.* Орто мектепти бүтүрүүчү окуучу.

АБОНЕМЕНТ *зат.* Бир нерседен белгилүү бир убакытка чейин пайдалануу укугу жана ушундай укугу бар экендигин күбөлөндүрүүчү документ. *Китепкана аралык абонемент.*

АБОНЕНТ *зат.* Абонементи бар адам.

АБОРТ *зат. мед.* Бойдон түшүрүү.

АБРОЙ *зат.* Кадыр, барк, беделл, абийир.

АБСОЛЮТ *зат. филос.* Идеалисттик философияда: дүйнөнүн түбөлүктүү, өзгөрбөс түпкү негизи, башталмасы (дух, идея); динде—кудай.

АБСОЛЮТИЗМ *зат.* Чексиз бийлик; жогорку бийлик бир адамдын колуна топтолгон башкаруунун формасы, жеке бийлик.

АБСОЛЮТТУК *сын.* 1. Кандайдыр бир башка шарттарга байланыштырылбастан, салыштырылбастан алынган. *Салктын абсолюттук өсүшү.*

2. Толук, чексиз. *Абсолюттук тынчтык.*

АБСТРАКТТУУ *сын.* Конкреттүү эмес, жалпыланган. *Сөздүн абстракттуу маанеси.*

АБСТРАКЦИЯ *зат.* 1. Нерселердин конкреттүү белгилеринен ой жүзүндө четтеп, алардын жалпы касиеттерин, мамилелерин бөлүп чыгаруу.

2. Жалпыланган түшүнүк, теориялык жыйынтыктоо.

АБСТРАКЦИЯЛА *этиш.* Нерселердин жалпы касиеттерин, мамилелерин бөлүп чыгаруу максатында конкреттүү белгилерден ой жүзүндө четтөө.

АБСТРАКЦИЯЛОО абстракцияла этишинин кыймыл атоочу.

АБЫР: абыр-шабыр *такт.* Ашыгыш, тез, ылдам, дароо. *Абыр-шабыр ат токуп* («Манас»).

АБЫСЫН *зат.* Эки бир туугандын же тууган-туушкандардын аялдары (бири-бирине карата). *Абысының болсо, күнүм жок дебе* (макал).

◆ **Абысын-ажын** — тууган-туушкандардын аялдары (бири-бирине карата). [*Апам*] *жакын санашкан абысын-ажындарын чакырууга кетти* (Жантөшев).

АБЫШКА *зат.* Чал, карыя. *Жашымда кеткен экемин, Болуп келдим абышка* (Токтогул).

АВАНГАРД *зат.* 1. Армиянын башкы күчтөрүнүн алдында баратканы бөлүгү.

2. *өт.* Кандайдыр бир коомдук топтун, таптын алдынкы отряды, баштап жүрүүчү бөлүгү. *Жумушчу табы — эмгекчилердин авангарды* («Коммунист»).

АВАНС *зат.* Ала турган эмгек акысынын же боло турган расходдордун эсебинен мурдатан берилүүчү акча же продукт. *Аванс берүү. Аванс алуу.*

АВАНСАЛА аванслоо менен бирдей.

АВАНСЫЛА *этиш.* Аванс түрүндө алуу же берүү.

АВАНСЫЛОО авансыла этишинин кыймыл атоочу.

АВАНТЮРА *зат.* Тобокелдүү иш, реалдуу күчтөрдү жана шарттарды эсепке албастан, кокус ийгиликке жетишип калуу максатында башталган иш.

АВАНТЮРАЛЫК *сын.* Тобокелдүү, күмөндүү, авантюра жолуна түшкөн, авантюрасы бар.

АВАНТЮРИЗМ *зат.* Бирөөнүн авантюралык мүнөздөгү жүрүш-турушу, кылыгы, иштери.

АВАНТЮРИСТ *зат.* Арамза, принципсиз, авантюризмди жакшы көргөн адам.

АВАРИЯ *зат.* Механизмдин, машинанын, самолёттун жана башкалардын иш убагында, жүрүп баратканда ж. б. бузулушу, кыйрашы, кырсыкка учурашы.

АВГУСТ *зат.* Календардык жылдын сегизинчи айы.

АВИАБАЗА *зат.* Складдары, ремонттоо мастерскаялары жана авиацияны тейлөөчү бөлүктөрү бар аэродром.

АВИАГОРИЗОНТ *зат.* Горизонтко карата самолеттун абалын көрсөтүп туруучу авиациялык прибор.

АВИАКОНСТРУКТОР *зат.* Самолёттордун, авиациялык кыймылдаткычтардын конструктору.

АВИАЛИНИЯ *зат.* Эки же бир нече элдүү пункттардын аралыгындагы транспорттук самолёттордун дайым жүрүп туруучу маршруту.

АВИАМОДЕЛИЗМ *зат.* Самолёттун, планёрдун учуучу моделдерин жасоочулук.

АВИАМОДЕЛИСТ *зат.* Авиамоделизм жагында иштөөчү адам, авиамоделдерди жасоочу.

АВИАМОДЕЛЬ *зат.* Самолёттун же башка учуучу аппараттын модели.

АВИАСЪЕМКА *зат.* Самолётто жүрүп, жердин, шаардын ж. б. сүрөттөрүн түшүрүүчүлүк.

АВИАТРАССА *зат.* Жер бетинин аба жолу өтүүчү тилкеси; транспорттук самолёттордун регулярдуу түрдө өтүп турууучу маршруту.

АВИАЦИЯ *зат.* 1. Учуучу аппараттар аркылуу абада катнаш жасоонун теориясы жана практикасы.

2. Учуучу аппараттардын жалпы жыйындысы, аба флоту. *Граждандык авиация. Транспорттук авиация. Санитардык авиация.*

АВИАЦИЯЛЫК *сын.* Авиацияга таандык. *Авиациялык өнөр жай. Авиациялык база. Авиациялык приборлор.*

АВТОБАЗА *зат.* Автомобилдер менен жүк ташууну уюштуруучу транспорттук мекеме; автомобилдер туруучу жана аларды ремонттоочу жай.

АВТОБИОГРАФИЯ *зат.* Өзү тарабынан баяндалган өмүр баяны.

АВТОБУС *зат.* Жүргүнчүлөрдү ташуучу көп орундуу автомобиль.

АВТОГРАФ *зат.* 1. Автордун өзү тарабынан жазылган арноо, автордун өзүнүн койгон колу.

2. Автордун өз колу менен жазылган текст.

АВТОЗАВОД *зат.* Автомобилдерди жана анын бөлүктөрүн жасап чыгаруучу завод.

АВТОИНСПЕКЦИЯ *зат.* Автомобилди пайдалануу жөнүндөгү эрежелердин туура орундалышы үчүн жүргүзүлгөн байкоо жана анын аткарылышын текшерип туруучу орган.

АВТОЛ *зат.* Автомобиль, трактор сыяктуу машиналардын кыймылдаткычтарын майлоо үчүн колдонула турган май.

АВТОМАГИСТРАЛЬ *зат.* Автомобилдер көп жүрүүчү чоң жол.

АВТОМАТ *зат.* 1. Атайын механизмдин жардамы менен кишинин жардамысыз эле өзүнөн-өзү иштөөчү, аракетке келүүчү аппарат. *Автомат ритмикалуу түрдө өпкөгө кислород менен камсыз кылып турат* («Дем соолук»). *Телефон автомат.*

2. Автоматтык түрдө тез атылуучу согуш куралы. *Пулемёт, автоматтар тытырап, мылтыктар тарсылдайт* (Жантөшев).

АВТОМАТИКА *зат.* 1. Өндүрүш процесстерин автоматташтыруунун методдорун жана ыкмаларын иштеп чыгуучу илимдин жана техниканын бир тармагы.

2. Автоматтык түрдө аракет кылуучу механизмдердин, куралдардын жыйындысы.

АВТОМАТТАШТЫР *этиш.* Өндүрүштө автоматтык машиналарды, приборлорду колдонуу.

АВТОМАТТАШТЫРУУ автоматташтыр этишинин кыймыл атоочу.

АВТОМАТТАШТЫРЫЛ автоматташтыр этишинин туюк мамилеси.

АВТОМАТТУУ *сын.* 1. Автомат аппараты бар, автоматташтырылган. *Толук автоматтуу станоктор иштейт* («Кыргызстан аялдары»).

2. Автомат менен курал данган. *Даяр турган автоматтуу үч желдет Иттиғ дагы тез жөнөттү келбеске* (Аалы).

АВТОМАТЧЫК *сын.* Механикалык түрдө кыймылга келуучу, өзүнөн өзү иштеп турган. [«*Коммунизм» совхозунда*].. *автоматтык сугаргычтар орнотулду* («Советтик Кыргызстан»). *Бизди өзгөчө кызыктырганы курал дардын автоматтык түрдө иштеши болду* («Кыргызстан пионери»).

АВТОМАТЧИК *зат.* 1. Автоматты тейлөөчү, автоматты тейлеп турган адам.

2. Автомат менен курал данган аскер, автоматчы.

АВТОМАТЧЫ автоматчик менен бирдей (2-маанисинде).

АВТОМАШИНА автомобиль менен бирдей.

АВТОМОБИЛЬ *зат.* Жүргүнчүлөрдү жана жүктү ташууга арналган машина.

АВТОНОМИЯ *зат.* Ички закон чыгаруу жана башкаруу иштерин өз алдынча чечүү укугу; өзүн-өзү башкаруу.

АВТОНОМИЯЛУУ *сын.* Автономиялык укукка ээ болгон. *Автономиялуу республика. Автономиялуу область.*

АВТОНОМИЯЛЫК *сын.* Автономияга таандык.

АВТОПОРТРЕТ *зат.* Художниктин, скульптордун өзү тарткан, өзүн өзү түшүргөн сүрөтү, портрети.

АВТОР *зат.* Адабий же башка көркөм чыгарманы, илимий эмгекти, долбоорду ж. б. түзгөн, жазган адам. *Повесттин автору. Долбоордун автору.*

АВТОРЕФЕРАТ *зат.* Көбүнчө илимий эмгектин автордун өзү тарабынан жазылган рефераты, диссертациянын мазмунун кыскача баяндап жазган текст. *Диссертациянын авторефераты.*

АВТОРИТЕТ *зат.* 1. Бедел, кадыр-барк, аброй. *Совет өлкөсүнүн эл аралык авторитети ченемсиз өстү* («Коммунист»).

2. Белгилүү, авторитеттүү, таанылган адам.

АВТОРИТЕТТҮҮ *сын.* Авторитети бар, кадырлуу, абройлуу. *Өз коллективинде авторитеттүү.*

АГА *зат.* Өзүнөн улуу эркек бир туугган; тууган- туушкан адамдардын жаш жагынан улуусу. *Өз агасын агалай албаган, киши агасын сагынбайт* (макал). *Татыбек агаңан кат барбы?* (Бейтемиров).

◆ **Төр ага к. төр. Эшик ага к. эшик. Кайын ага к. кайнага.**

АГАЙ *зат.* 1. Өзүнөн улуу эркек бир тууганы, тууган-туушкандарынын жаш жагынан улуусу, ага. *Бакас менин бир туугган агайым. Агайым армияда кызмат кылат.*

2. Өзүнөн улуу эркекке кайрылганда урматтоо иретинде айтылуучу сөз. — *Кечиресиз, агай* [*деди Гүлайым*] (Бейшеналиев).

3. *сүйл.* Окуучулар тарабынан мугалимдерине карата колдонулуучу сөз. — — *Агай, мен айтайынбы? — деп үнү жоон кара бала.. колун көтөрдү* (Сыдыкбеков).

АГАЙЫН *зат.* 1. Тууган-туушкан, туугандыгы жагынан жакын адам. *Агайын жардам кылбаса, Алыскы Кетмен-Төбөгө Алым жок эле барууга* (Токтогул).

2. Ага-инилер, туугандар деген мааниде колдонулуучу сөз. — *Кадырлуу агайындар!— профессор кыргыз тилинде таптак айтты* (Сыдыкбеков).

АГАЙЫНДУУ *сын.* Тууган-туушкандуу, туган-туушканы көп.

АГАЙЫНДЫК *зат.* Туугандык, жакындык. *Агайындык кыл.*

АГАЙЫНЧЫЛ *сын.* Тууганчыл, агайын-тууганга көп тартуучу.

АГАЙЫНЧЫЛЫК *зат.* Тууганчылык, жакындык.

АГАЛЫК *зат.* Улуулук; өзүнөн улуу агасына таандык касиет. *Көрөл, сага бир агалык кеңешимди айтайын* (Каимов). *Агалык кылып жол баштап, Айттың азыр кебиңди* («Эр Табылды»).

АГАР *этиш.* 1. Ак түскө айлануу, ак болуу, ак кирүү. *Бир түп өрүк бүрсүз тегиз агарган* (Калык). *Сакал, чачы агарып кеткени болбосо, бою сындуу, бети нурдуу* (Сыдыкбеков).

2. Жарык болуу. *Таң агарып сөгүлдү* («Эр Табылды»).

АГАРТ агар этишинин аркылуу мамилеси.

АГАРТУУ *зат.* Билим берүү, окутуу иштери. *Агартуу системасы. Эл агартуу бөлүмү.*

АГАРУУ агар этишинин кыймыл атоочу.

АГЕНТ I *зат.* 1. Уюмдун, мекеменин иш боюнча, кызмат боюнча ар түрдүү тапшырмаларын орундоочу өкүлү. *Камсыздандыруу агенти.*

2. Бирөөнүн идеясын, максатын иш жүзүнө ашыруу үчүн коюлган адам же топ. *Ал кезде [революциядан мурун] Сүлүктүдө эсердик, меньшевиктик жат элементтер, алардын агенттери да жок эмес эле* (Сасыкбаев).

3. Кандайдыр бир мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн иштеген жашырын тыңчы, шпион.

АГЕНТ II *зат.* Табиятта же организмде бул же тигил кубулушту туудуруучу себеп.

АГЕНТСТВО *зат.* Кандайдыр бир бор-бордук мекеменин же ишкананын жергиликтүү бөлүмү жана кээ бир информациялык мекемелердин аты. *Банктын агентствосу . Телеграф агентствосу.*

АГЕНТУРА *зат.* 1. Жашырын маалыматтарды жыйноо жана диверсиялык иштерди жүргүзүү максатын көздөгөн тыңчылык кызмат.

2. Бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган шпиондордун, диверсанттардын, тыңчылардын жалпы аты. *Душмандык агентура.*

АГИТАТОР *зат.* Агитация иштерин жүргүзүүчү.

АГИТАЦИЯ *зат.* Калктын кеңири массасына саясий жактан таасир берүү максатында оозеки жана басма сөз жүзүндө жүргүзүлүүчү үгүт-насыят.

АГИТАЦИЯЛА *этиш.* Агитация иштерин жүргүзүү.

АГИТАЦИЯЛОО агитацияла этишинин кыймыл атоочу.

АГИТАЦИЯЛЫК *сын.* Агитацияга таандык; агитация иштерине тиешеси бар. *Агитациялык жумуштар. Агитациялык баракча.*

АГИТКОЛЛЕКТИВ *зат.* КПССтин баштапкы партиялык уюмдарынын алдында түзүлүүчү агитаторлордун коллективи, тобу.

АГИТПУНКТ *зат.* Агитациялык пункт, калк арасында массалык саясий иштерди жүргүзүүчү жергиликтүү мекеме.

АГНОСТИК *зат.* Агностицизмди жактоочу.

АГНОСТИЦИЗМ *зат.* Дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүгүн таанып-билүү мүмкүндүгүн танган идеалисттик философиялык окуу.

АГРАРДЫК *сын.* Жерге тиешелүү; жерди иштетүү жагына, дыйканчылык жагына тиешелүү. *Агрардык өлкө. Агрардык маселе. Агрардык реформа.*

АГРЕГАТ *зат.* 1. Жалпы бир жумушту аткаруучу ар түрдүү типтеги машиналардын бирикмеси.

2. Тоо тектерин түзүүчү айрым минералдардын жыйындысы.

АГРЕССИЯ *зат.* Бир же бир нече мамлекеттин башка өлкөлөргө алардын жерин басып алуу, элин кулдандыруу, бир мамлекетти экинчи мамлекет саясий же экономикалык жактан багындыруу максатында куралдуу кол салуусу.

АГРЕССОР *зат.* Басып алуучу, агрессияны жүргүзүүчү, кол салган тарап.

АГРОБИОЛОГИЯ *зат.* Дыйканчылыктагы, өсүмдүк өстүрүү ишиндеги жана мал чарбачылыгындагы жалпы биологиялык закон ченемдүүлүк жөнүндөгү илим.

АГРОКУЛЬТУРА *зат.* Дыйканчылыкты жакшыртууга багытталган чаралардын жыйындысы.

АГРОНОМ *зат.* Айыл чарбасы жагынан специалист.

АГРОНОМИЯ *зат.* Дыйканчылык жана айыл чарбачылыгы жөнүндөгү илим.

АГРОНОМИЯЛЫК *сын.* Агрономияга таандык. *Агрономиялык адабият. Агрономиялык пропаганда.*

АГРОТЕХНИК *зат.* Агротехника жагынан специалист.

АГРОТЕХНИКА *зат.* Айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү жолдору, чаралары.

АГРОТЕХНИКАЛЫК *сын.* Агротехникага таандык.

АГРОХИМИЯ *зат.* Өсүмдүктөрдү азыктандыруу, туруктуу жогорку түшүм алып туруу максатында жер семиртүүчтерди жана химиялык каражаттарды колдонуу жөнүндөгү илим.

АГРОХИМИЯЛЫК *сын.* Агрохимияга таандык.

АГУУ ак этишинин кыймыл атоочу.

АГЫЗ ак этишинин аркылуу мамилеси.

АГЫЛ ак этишинин туюк мамилеси.

АГЫЛГА *зат.* Далда, калка, далда жер.

АГЫЛГАЛА *этиш.* Андуу, байкоо, аялдай жүрүү. *Биз атамдын артынан агылгалап жүрүп отурдук* (Таштемиров).

АГЫЛГАЛАТ агылгала этишинин аркылуу мамилеси.

АГЫЛГАЛОО агылгала этишинин кыймыл атоочу.

АГЫМ *зат.* 1. Агын, суунун агыны. *Боомду агымы тентек Чүй дарыясы жарып өтөт* (Абдумомунов).

2. *өт.* Көркөм-адабий же коомдук-саясий багыт. *Саясий агым. Адабий агым.*

АГЫН *зат.* Суунун агышы, суунун агымы, суунун шары. *Аскар суунун агынына карады* (Сыдыкбеков.). *Аты мунун Күрпүлдөк, Агыны катуу дарыя* («Манас»).

◆ **Агын суу** — токтотулуп коюлбаган, агып турган суу. *Түрүп билек дыйкан кошко камынды, Агын суулар алдас уруп чамынды* (Бөкөнбаев).

АГЫНДЫ *зат.* Суу менен кошо агып келген ар түрдүү нерселер. *Арылдап кирген чоң суудагы агынды кайда кетпейт?* (Жантөшев).

АГЫТ *этиш.* Байлоодон бошотуу, бош коё берүү; анды карай коё берүү

(мис., итти). *Кулундарды агыт тез, Кечке кербей желеңди* (Үмөталиев). *Базарбек үйүнүн жанына түшүп, атын агытты* (Қаимов). *Тайган агытып түлкү тиштеткенди да көрдүм* (Сыдыкбеков).

◆ **Суук тилин агытуу** — жаман сөздөрдү сүйлөө. *Арзымат.. күндүр-түндүр дебей ушак айтып, Токтогулга суук тилин агытты* (Бөкөнбаев). **Сугун агытуу** — ач көздүк кылуу; көз артуу.

АГЫТТЫР агыт этишинин аркылуу мамилеси.

АГЫТУУ агыт этишинин кыймыл атоочу.

АГЫТЫШ агыт этишинин кош мамилеси.

АДА: ада болуу *же* **ада кылуу** — *диал.* түгөнүү, түгөтүү, бүтүрүү. *Ада болбойт тарыхың Айткан менен Токтогул* (Барпы). *Малдын баарын түгөтүп, Ада кылды жан бакты* (Тоголок Молдо).

АДАБИЙ *сын.* Адабиятка таандык (2-маанисинде). *Адабий чыгарма.*

◆ **Адабий тил** — көркөм адабияттарда, жалпы эле басма сөздө колдонулуучу, белгилүү нормага салынган тил.

АДАБИЯТ *зат.* 1. Илимий, көркөм, саясий ж. б. чыгармалардын жалпы жыйындысы; ар кандай китептер, журналдар ж. б. [*Марфа*].. *жумушчулар үчүн бир топ жаңы адабияттар, газеталар ороп таңды* (Сасыкбаев). [*Сагынбек*].. *технологиялык адабияттарды арбын окуду* (Сасыкбаев). *Биологиялык адабият. Технологиялык адабият.*

2. Турмуштук кубулуштарды, окуяларды, көркөм чыгармаларды, образдарды сөз аркылуу сүрөттөп көрсөтүүчү искусствонун бир түрү; проза же поэзия түрүндөгү көркөм чыгармалар. *Адабият деген искусствонун бир түрү — сөз чеберчилиги, сөз искусствосу* (Абдукаимов). *Кыргыз адабияты. Балдар адабияты.*

◆ **Адабият таануу** — көркөм адабияттын теориясы жана тарыхы жөнүндөгү, адабий сын жөнүндөгү илимдердин жыйындысы. **Көркөм адабият — адабият** менен бирдей (2-маанисинде).

АДАБИЯТЧЫ *зат.* Адабият таануу жагынан специалист, адабият кызматкери.

АДАЛ *сын. дин.* Шарият жолуна туура, таза, арам эмес, пайдалануура жарамдуу. *Адал өлсө — быр казан эт, арам өлсө — ит менен кушка жем* (Убукеев). *Эшектин күчү — адал, сүтү — арам* (макал).

2. *өт.* Ак ниет, адил, туура, арамза эмес. *Адал кызмат кылгандын ар дайым карды ток болот* (Осмонкул). *Адамдын көркү — адал эмгек* (Шүкүрбеков).

АДАЛДА *этиш.* Малды макрөөлүккө, арамдыкка чыгарбай мууздап же кан чыгарып коюу. *Койду адалдап келди.*

АДАЛДАТ адалда этишинин аркылуу мамилеси.

АДАЛДОО адалда этишинин кыймыл атоочу.

АДАЛДЫК *зат.* Ак ниеттик, арамза ойлобогондук, ак пейилдик. *Адалдыгың адал эне сүтүндөй, Өз бактыңа туура кара жалтанбай* (Осмонов). *Мал-мулкү, үй-жайы Адалдык менен бүтпөгөн* (Токтогул).

АДАЛСЫН *этиш.* Тазасынуу, күнөөсүз көрүнүмүш болуу, сопусунуу. *Адалсынган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыгыптыр* (макал).

АДАЛСЫНУУ адалсын этишинин кыймыл атоочу.

АДАМ I *зат.* Ойлоо жана сүйлөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон, өндүрүш куралдарын иштеп чыгып, аны коомдук эмгекте пайдалана алуучу тирүү жан, киши. *Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда тура* (Сыдыкбеков). *Космоско барган биринчи адам — советтик адам, Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун гражданини!* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Адам баласы** — адамзат, дүйнөдөгү, жер жүзүндөгү кишилер. **Адам болуу** — эр жетүү, киши катарына кошулуу. **Адам күнү** — бир жумуш күнүнүн ичиндеги бир адамдын иштеген жумушунун өлчөмү менен эсептеле турган жумуш убактысын эсепке алуунун единицасы. **Адам ата** — диний түшүнүк боюнча: дүйнө жүзүндө эң биринчи пайда болгон адам.

АДАМ II *сырд.* Таң калгандыкты билдирүүдө колдонулат. — *Адам, биздин жолоочулар менен бирге, былтыркы Мыскал деген кыз келиптир* (Сыдыкбеков).

АДАМГЕРЧИЛИК *зат.* Гумандуулук, адамды жакшы көрүүчүлүк, адамга тиешелүү жакшы мамилелер, сапаттар. *Мойнуңа кылыч такап, башыңа өлүм келсе да, адамгерчилигиңден ажыраба* (Жантөшев).

АДАМГЕРЧИЛИКСИЗ *сын.* Кишичилиги жок, адамгерчиликтүү сапаты жок, адамгерчиликтүү мамилеси жок.

АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮ *сын.* Кишиликтүү, гумандуу. — *Ыракмат силерге! Жабыр тарткан жарды болсоңор да адамгерчиликтүү экенсиңер* (Жантөшев).

АДАМГЕРЧИЛИКТҮҮЛҮК *зат.* Адамгерчиликтүү мамилелер, сапаттар.

АДАМДЫК *сын.* Кишилик; адамга, адам баласына таандык. *Адамдык сүйүү — ак сүйүү, Адамга тагдыр берүүчү* («Мендирман»).

АДАМЗАТ *зат.* Адам баласы, бүткүл адам. *Тоону, ташты суу бузат, адамзатты сөз бузат* (макал). *Коммунизмдин идеялары адамзаттын жолун дагы жаркыратып жарык кылат* («Коммунист»).

АДАМКЕРЧИЛИК адамгерчилик менен бирдей.

АДАМСЫН *этиш.* Өзүн адам катарында көрсөтүүгө умтулуу, өзүн каадалуу киши катарында көрсөтүүгө тырышуу. *Аш берем деп атама, Адамсынып калганың* («Эр Табылды»).

АДАМСЫНТ адамсын этишинин аркылуу мамилеси.

АДАМСЫНУУ адамсын этишинин кыймыл атоочу.

АДАМЧЫЛЫК *зат.* Кишичилик, адамгерчилик, кишиге таандык жакшы каси-

еттерге ээ болгондук. *Эжеке бул кылганың адамчылык, Журөгүң акак бермет таштан тунук* (Бөкөнбаев).

АДАТ *зат.* 1. Жалпы көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган каада, салт, жүрүштуруш тартиби. *Бир элбиз, биздин элдин адатында Ар кандай ачуу, араз унутулат* (Үмөталиев). *Алгыр тайганы, кыраан кушу, күлүк аты, бойго жеткен кызы бар жерге жуучу жибере берүүчү элдин адаты бар эле го?* (Жантөшев).

2. Үйрөнүп калган көндүм, өнөкөт, көнүмүш. *Алтыга сатып, бешке алган — соодагердин адаты* (макал). *Билсе, билбесе да талаша берүү анын көнүмүш адаты* («Ала-Тоо»). *Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы* (макал).

АДАТТАГЫ *сын.* Кадимки, көндүм болгон, өнөкөт болгон. *Адаттагыбыздай амандашып, столду тегеректеп, отуруп калдык* (Жантөшев). *Адаттагысынан да ачуулуу кожоюн .. сөздү да уккусу келбей жекиринди* (Сасыкбаев).

АДАТТАН *этиш.* Көндүм болуп калуу, көнүгүп адат кылып алуу. *Эрте турууга адаттанып кетти.*

АДАТТАНУУ адаттан этишинин кыймыл атоочу.

АДАТЫНЧА *такт.* Көнүмүш боюнча, адат болуп калгандай. [*Каныбек*].. *адатынча ырдады да, ойлоно токтой калды* (Жантөшев). *Жер карап Эргеш аке ойлоп калды, Мурутун адатынча сылап коюп* (Үмөталиев).

АДАШ *этиш.* 1. Багыттан, жолдон жаңылып чыгып кетүү; башка жакка жаңылышып кетүү, таба албай калуу. *Адашпаймын деген дал түштө адашат* (макал) . *Биз токой арасында оңбогондой адашып жүрдүк* (Жантөшев).

2. *өт.* Жаңылуу, терс багытка түшүү. *Ленидик жарык төтө жолубуз, Элим мындан эч убакта адашпайт* (Аалы).

◆ **Баш адашуу** — баш катуу, эмне экенин ажырата албай калуу. *Кең төрлөр, эркинче жайылган калың мал, чынын айтсам, башым адашты* (Сыдыкбеков). **Акылынан адашуу** — далдырап, эмне кыларын билбей калуу [*Максут*] «*Ана-пына*» *деп акылдан адашпайлы!* (Турусбеков). *Акылыңдан адашып, Аптыкпагын бириңер!* («Эр Табылды»).

АДАШТЫР адаш этишинин аркылуу мамилеси.

АДАШУУ адаш этишинин кыймыл атоочу.

АДАШЧААК *сын.* Көп жаңылып, көп адашуучу.

АДВОКАТ *зат.* Айыпталуучуну сот алдында жактоочу, бирөөнүн соттогу иштерин алып баруучу, укук маселелери боюнча кеңештер берүүчү юрист; жактоочу.

АДЕМИ *сын. диал.* Кооз, көркөм, сулуу, жакшынакай, татынакай. *Салынган ойго-кырга тармал килем, Кулпунган кубулушта адеми ирең* (Бөкөнбаев).

АДЕП *зат.* Тартип, ызаат, сылыктык, сыпайылык, уят. *Адеби жок жигит жүгөнү жок атка окшойт* (макал). *Адеби менен сүйлөгөн Аманбы, Барпы чырагым?* (Токтогул.)

◆ **Адебин колго берүү** — сазайын берүү, көрбөгөнүн көрсөтүү. *Аманат, жаным соо болсо, Адебин колго беремин* («Эр Табылды»)

АДЕПКИ *такт.* Мурунку, алгачкы, баштапкы өзөлки. *Адепки убакта. Адепки жылдарда,*

АДЕПСИЗ *сын.* Тарбиясыз, уятсыз, ызатсыз. *Адепсиздин балдары чырчы болот өзүндөй* (Токтогул). *Адепсиз өскөн жалгызым, Атаңдан мурун ичесиң* (Бөкөнбаев).

АДЕПСИЗДИК *зат.* Тарбиясыздык, тартипсиздик, ызатсыздык. *Кечирип коюңуз, сиздин алдыңызда адепсиздик кылып отурам* («Ала-Тоо»).

АДЕПТҮҮ *сын.* Сылык, тарбиялуу, ызаattуу. *Ата-энелер өз балдарынын адептүү киши болуп тарбияланышын каалайт* («Мугалимдерге жардам»). — *Менин байкашымча,* [*Карып*] *өтө адептүү жигит болуптур* (Абдукаримов).

АДЕПТҮҮЛҮК *зат.* Тартиптүүлүк, ызаттуулук, сылыктык. [*Нуруштун*].. *адептүүлүгү Акбарга абдан жакты* (Убукеев).

АДЕТ адат менен бирдей.

АДИЛ *сын.* Туура, калыс. *Адил заман тушунда, Өчүмдү алдым манаптан* (Токтогул). *Колхозду алга сүрөгөн, Планын бүтпөй күлбөгөн Биздин адил башкарма* (Осмонов).

АДИЛДИК *зат.* Тууралык, калыстык. *Эрдик да, ак эмгек да, адилдик да, Ырыстын далай кенчи колхозчуда* (Осмонов). *Адилдик менен айтты деп, Калктын чери жазылды* (Тоголок Молдо).

АДИЛЕТ адил менен бирдей.

АДИЛЕТСИЗ *сын.* Тууралыгы жок, калыстыгы жок, адилет эмес. *Ак матадан бөз карып, Адилетсиз бийлердин Алдына келген сөз карып* (Тоголок Молдо).

АДИЛЕТСИЗДИК *зат.* Калыстыгы, тууралыгы жоктук, адилеттүү эместик. *Алымкул эч кандай кордукка, шылдыңга өзүн басынтууга, адилетсиздикке чыдачу эмес* (Абдукаримов). *Анын* [*Ашырдын*] *ишке жөндөмдүүлүгүн тануу адилетсиздик* (Сасыкбаев).

АДИЛЕТСИН *этиш.* Адилет сыяктуу көрүнүмүш болуу, өзүн адилет сыяктуу көрсөтүүгө тырышуу. *Адилетсинип ар кимге бирден карап бий,.. жорудай дагдыя үч-төрт манап, бай олтурушту* (Сыдыкбеков).

АДИЛЕТСИНҮҮ адилетсин этишинин кыймыл атоочу.

АДИЛЕТТИК *зат.* Адилдик, калыстык. *Адилеттик кылбастан, Авапты башка салганы* (Токтогул).

АДИЛЕТТҮҮ *сын.* Туура, калыс. *Кеңешмеде областтын соода уюмдары адилеттүү сынга алынды* («Советтик Кыргызстан»). *Каяша эмес, адилеттүү эле сөз айтам деп атаңдын эмне болгонун көрүп турасың го!* (Абдукаримов).

АДИЛЕТТҮҮЛҮК *зат.* Тууралык, калыстык. *Социализмдин дүйнөсү — бул*

адилеттүүлүктүн дүйнөсү («Коммунист»).. *Дайыма адилеттүүлүк менен иш кыл* (Жантөшев).

АДИС *зат.* 1. Жол, ык, амал, метод. *Ар иштин адисин билиш керек.*

2. Белгилүү бир ишке машыккан кызматкер, специалист. *Айыл чарба адиси. Мал чарбасы боюнча адис.*

3. Маш, чебер, устат. *Адис капканчылар үчүн жылдын бардык мезгилдерине караганда сары сойгокто карышкыр кармоо оңой* (Каимов). *Адырга аркар тургузбас, Адис мерген жыргалым* (Тоголок Молдо).

АДИСТЕШ *этиш.* Белгилүү бир адистикке ээ болуу, белгилүү бир адистикти өздөштүрүү. *Мал чарба жагына адистешти. Айыл чарбачылыгына адистешти.*

АДИСТЕШТИР *этиш.* 1. Илимдин же техниканын кандайдыр бир тармагы боюнча атайын билим берүү.

2. Жумуштун белгилүү бир тармагында иштөө, кызмат аткаруу үчүн ылайыкташтыруу.

АДИСТЕШТИРҮҮ адистештир этишинин кыймыл атоочу.

АДИСТЕШҮҮ адистеш этишинин кыймыл атоочу.

АДИСТИК *зат.* Илимдин, техниканын, искусствонун бир тармагы боюнча бир ишти мыкты билгендик; ээ болгон кесип, специалисттик. *Айыл чарба адистиги. Адистиги—инженер.*

АДИСТҮҮ *сын.* Белгилүү бир кесипке, специалисттикке ээ болгон. *Тарас да, Ксения да өндүрүштөн кол үзбөстөн окуп, адистүү болушту* (Сасыкбаев). *Машыккан адистүү ткачихалар эки станокту тейлешет* (Сасыкбаев).

АДМИНИСТРАТОР *зат.* Кандайдыр бир ишти башкаруучу, тескөөчү кызмат адамы.

АДМИНИСТРАЦИЯ *зат.* 1. Ишканалардын, мекемелердин уюмдардын жетекчи органы, башкаруу органы. *Мектептин администрациясы.*

2. Ишканалардын, мекемелердин башкаруучу адамдары.

АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК *сын.* Администрацияга таандык. *Администрациялык кызмат.*

АДМИРАЛ *зат.* Согуш-деңиз флотунун командалык составынын жогорку наамы жана ушундай наамы бар адам.

АДӨӨЛӨТ адилет менен бирдей.

АДРЕС *зат.* 1. Каттын, посылканын ж. б. сыртына анын жеткириле турган жери, аны ала турган кишинин аты-жөнү көрсөтүлгөн жазуу. [*Динар*].. *чапталган конверттин сыртына адрес жазды* (Сыдыкбеков).

2. Жашап турган жери, орду. *Үйүңдүн адресин жазып бер.*

3. Куттуктоо кат. *Юбилар көп адрес алды.*

4. *өт.* Ысмына, атына багытталгандык. *Бир катар тамаша сөздөр анын* [*Сыякандын*].. *адресине урунду* (Байтемиров). [*Адыл*].. *колхоз активдеринин адресине сынды курчураак айткысы келди* (Сыдыкбеков).

АДРЕСАНТ *зат.* Почта же телеграф аркылуу бир нерсе жиберген киши же мекеме.

АДРЕСАТ *зат.* Почта же телеграф аркылуу жиберилген нерсени ала турган киши же мекеме.

АДЪЮТАНТ *зат.* Аскердик начальниктин кол алдында иштеп, кызмат жагынан болгон тапшырмаларды орундоочу офицер.

АДЫЛ *туурасы:* адил.

АДЫЛКЕЧ азилкеч менен бирдей.

АДЫМ *зат.* Баскан учурдагы эки буттун ортосундагы аралык, кадам, арыш, ағым. [*Саадат*].. *үйүнө улам жакындаган сайын, адымын тездетип, акырында жүгүрдү* (Айтматов).

АДЫМДА *этиш.* 1. Арыштоо, кадамдоо, кадам таштап басуу. *Жылаңаяк, жылаңбаш, ата-энемди кароо менен жалтаңдап сүйөнүмө карай адымдадым* (Жантөшев).

2. *өт.* Алга жөнөө, илгери жөнөө. *Советтик адамдар коммунизмди карай туруктуу, ишенимдүү түрдө адымдап бара жатат* («Советтик Кыргызстан»).

АДЫМДАТ адымда этишинин аркылуу мамилеси.

АДЫМДОО адымда этишинин кыймыл атоочу.

АДЫР *зат.* Дөбөлүү, дөңдүү жер; дөң-дөң болуп чыбырчыктап жаткан жер. *Кылымдар бою кыртышы кырылбаган боз адырлар адам баласына кызмат кыла баштады* (Абдумомунов).

◆ **Адыр-будур** *же* **адыр-күдүр** — дөңдүү, дөбөлүү жер. *Адыр-будур жерлерди Басып кетип баратат* («Манас»). *Адыр-күдүр артууну Арстан Төштүк таянды* («Эр Төштүк»).

АДЫРАЙ *этиш.* Чакчая кароо. [*Бекиш*] «*Эмне деп айтар экен*» *дегенсип, адырайып тиктеп калды* (Байтемиров).

АДЫРАЙТ адырай этишинин аркылуу мамилеси.

АДЫРАҢДА *этиш.* 1. Бирөөгө баатырсынып, кыйынсынып чоң сүйлөө, мыктысынып, жулунган көрүнүштө болуу, кыр көрсөтүү. *Ашка жарчы болдум деп, Адыраңдап ырдадың* (Токтогул).

2. Көңүлү көтөрүңкү, тартынбаган көрүнүштө болуу. *Адыраңдап чаап жүрөт.*

АДЫРАҢДАТ адыраңда этишинин аркылуу мамилеси.

АДЫРАҢДОО адыраңда этишинин кыймыл атоочу.

АДЫРАШМАН *зат.* Ак гүлдүү, тоголок аш байлай турган чачырап өсүүчү көп жылдык жапайы өсүмдүк.

АДЫРАЮУ адырай этишинин кыймыл атоочу.

АДЫРГЫ *зат.* Кылыч сыяктуу кылып жыгачтан жасалган өрмөк соккуч.

АДЫРДУУ *сын.* Адыры бар, адыры көп. *Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо,.. адырдуу боз чап* (Жантөшев).

АДЫРЛУУ адырдуу менен бирдей.

АДЫРМАК *зат.* Бөксө тоолор. *Күдүрөйгөн токой-шактуу адырмактар, туз өрөөн.. кадимки тунук күзгүдөн көрүн-*

гөндөй угу-жигине чейин көзгө таасын (Касымбеков).

АДЫРМАКТУУ *сын.* Бөксө тоолуу. *Адырмактуу белди ашып, Арсак Кара-Тоо басып* («Эр Табылды»).

АЁО ая этишинин кыймыл атоочу.

АЁОЛУУ *сын.* Барктанган, сүлүнүп же жок болуп кетпесе экен деп эсептелген, аяган.

АЁОСУЗ *сын.* Ырайымсыз, катуу. *В. И. Ленин башында болгон партия айыгышкан салгылашууларда.. подпольенин кыйын шарттарында оппортунисттерге аёосуз сокку урду* («Советтик Кыргызстан»). *— Туура айтат! Тартипсиздерди аёосуз жазалоо керек* (Байтемиров).

АЖА *зат. тар.* Башкаруучу. *«Ай!» деген ажа жок, «кой!» деген кожо жок* (макал).

АЖААН *сын.* 1. Кабаган, кабанак (ит жөнүндө). *Бардык короолордо жаракттуу чабандар, жабалактаган ажаан иттер* (Каимов).

2. Каардуу, жаалдуу, заардуу. *Ажаан душман.*

3. Бейжай, тажаал. *Гүлбара ырас эле абдан ажаан, анык митайым турбайбы* («Жомоктор»).

АЖАЙЫМ ажайып менен бирдей.

АЖАЙЫП *сын.* Сонун, укмуштуу, таң каларлык. *Катарлап ак үй салып колхоз орнот, Ажайып көркү ачылды жапан жердин* (Үсөнбаев). *Түндө жатып түш көрдүм, Бир ажайып иш көрдүм* («Эр Табылды»).

АЖАЙЫПКАНА *зат. эс.* Музей. *Ажайыпкана жайларын,.. Айткан менен түгөнбейт Ал үйлөрдүн түрлөрүн* (Тоголок Молдо).

АЖАЛ *зат.* Өлүм. *Ажал, азап кашкабактын ортосунда* (макал).

АЖАЛДУУ *сын.* Өлө турган, ажалы бар. *Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат* (макал).

АЖАП *сын.* Укмуштуу, таң каларлык. *Уктап кетти, ажап сонун түш көрдү* (Аалы).

◆ **Ажап эмес** — мүмкүн, таң каларлык эмес, таң каларлык эч нерсе жок. *Ажап эмес, сен да мендей карысың* (Аалы). **Ажап болду** — «Сооп болду!», «Ырас болду!» деген мааниде.

АЖАР *зат.* Жакшынакай, жагымдуу өң, түс, көрк, сулуулук. *Бетинин сыртқы ажары Арчалуу от жалындай* (Үсөнбаев). *Балким, үйдүн ажарын ачып турган ушул коз туш кийиз менен ала бакандарга асылган ак терилеридир* (Каимов).

АЖАРДАН *этиш.* Көрктүү болуп көрүнүү, иреңи, жүзү, жадырап-жайнап, жагымдуу, сүйкүмдүү болуп көрүнүү. *Ак жүзү ай нурундай ажарданат* (Абдыраманов). *Шатен Асанга ажардана карады* (Аалы).

АЖАРДАНТ ажардан этишинин аркылуу мамилеси.

АЖАРДАНУУ ажардан этишинин кыймыл атоочу.

АЖАРДУУ *сын.* Сүйкүмдүү, көрктүү, сулуу (өң жөнүндө). *Ажардуу жүзү, оттуу көзү менен бир карап, башын чайкап күлдү* (Жантөшев).

АЖАРЛУУ ажардуу менен бирдей.

АЖАРСЫЗ *сын.* Өңү сүйкүмдүү эмес, көрксүз, сулуу эмес. *Ажарсыз бет.*

АЖАТ *зат.* Муктаждык, зарылгандык, бир нерсеге кысылгандык. *«Эй, жаным-барым, бир ажатка жарар бекенсиң»* (Каимов). *Ажатын ачтың мындагы Ата менен эненин* (Калык).

АЖАТКАНА *зат.* Дааратканa.

АЖАТТУУ *сын.* Муктаждуу, бир нерсеге зарыл.

АЖАТТЫК *зат.* Муктаждык, зарылдык, **АЖЕП ажап** менен бирдей.

АЖЫ I *зат.* 1. Мекеге барып кудайга сыйынган зыярат, Мекеге барып зыярат кылуучулук. *Ажыга баруу. Даярдыгыбыз бир куржун да, андан башка эмнебиз бар дейсиз!.. Эмне биз ажыга баратыптырбызбы!* (Абдукаримов).

2. Ушундай зыярат кылып келген киши. *Мекеден кийим кийинген Ажың аман бар бекен* («Кедейкан»).

АЖЫ II: ажы-кажы болуу — бакылдашып, биринин сөзүн бири укпоо, биринин сөзүн бири укпай кажылдаша берүү. *Ажы-кажы сөздөру Алда кайдан угулуп* (Маликов).

АЖЫДААР *зат.* 1. *миф.* Жомоктордо учуроочу, адамды, айбанды оп тартып соруп коюучу, кааранса оозунан от чыккан укмуштуу чоң жылан. *Мүйүзү бар башында Токсон кулач узуну Бир ажыдаар көрүнөт* («Эр Төштүк»). *Балдарынын баарысын Ажыдаар соруп альптыр* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Башкаларды канап-бутагап ырайымсыз зулум, жегич. *Ажыдаарга арбалган, Алтымыш эки азамат Кай жерге өлдү, Токтогул?* (Эшмамбет).

АЖЫКЫЗ *зат.* 1. Гермафродит, аял сымак. *Аталанын күчү сага окшогон ажыкыз эркектерди күлгө айландырат!* (Абдукаримов).

2. Орунсуз сөздөрдү көп айткан эзме киши.

АЖЫКЫЗДАН *этиш.* Орунсуз, дайыны жок сөздөрдү айтып, маңыздануу, эзмелөө. *Чегиртке санын бир салып ажыкызданып катуу күлдү* (Сыдыкбеков). *Берки экөө ажыкызданышып артынан ээрчип алышты* («Ленинчил жаш»).

АЖЫКЫЗДАНУУ ажыкыздан этишинин кыймыл атоочу.

АЖЫКЫЙЫК *сын.* Доюр, кыйык, кераяк, кежир, билгенин бербеген.

АЖЫЛДА *этиш.* 1. Тынбай күчөп үрүү (ит жөнүндө). *Алдыңкы тамдан ажылдап, торой чыккан сары канчыкты да тепсетип кете жаздады* (Сыдыкбеков).

2. Улам күчөп ачууланып, ээ-жаа бербей сүйлөө. *Апама сөз бербей эле ажылдай бересиңби* («Жаш ленинчи»).

3. Улам күчөп күжүлдөө, күжүлдөп кызып чуркоо. *Ооздук чайнап ажылдап Тулпардын чуркар заманы!* (Турусбеков). *[Тоотору Айчүрөктү].. ала качып ажылдап Ашкере чуркап буй кылып* («Сейтек»).

АЖЫЛДОО ажылда этишинин кыймыл атоочу.

АЖЫН: абысын-ажын *к.* **абысын.**

АЖЫНА *зат. дин.* Жин оору, жандуу оору. *Ажына болгон окшойт, Берик дубананы чакыр* (Бөкөнбаев).

АЖЫНАЛА *этиш.* Жин оорусуна чалдыгуу, жин тийүү. *Ажыналап калгансыңбы?*

АЖЫНАЛОО ажынала этишинин кыймыл атоочу.

АЖЫРА *этиш.* 1. Бөлүнүү, бөлүнүп кетүү, алыстоо. *Колун сунуп Кишимжан, Кош, аман бол, жээним деп, Ажырады бөлүнүп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Карыш ажыраган карыганча көрүштөйт* (макал).

2. Бириккен жеринен, жигинен чыгып кетүү, какжырап кетүү. *Шкаф ажырап кетти.*

3. Айрылуу, жоготуу. *Калдымбы каран талаада, Ата-энемден ажырап* («Курманбек»). *Ок тийип эки аяктан ажыраган, Касымжан келди деген кабар келди* (Осмонов). *Токол эчки мүйүз сурап кулагынан ажыраптыр* (макал).

АЖЫРАГЫС *сын.* Айрылгыс, бөлүнбөс; ажыратып кароого болбой турган. *Алексей менен Аскар ажырагыс дос* (Сыдыкбеков). *Кайталоо — окутуунун ажырагыс бөлүгү* («Мугалимдерге жардам»).

АЖЫРАТ ажыра этишинин аркылуу мамилеси.

АЖЫРАШ *этиш.* 1. **ажыра** этишинин көш мамилеси.

2. Бөлүнүшүү, күйөөсү менен аялы бири-биринен бөлүнүү. *Аялы менен ажырашты.*

◆ **Ажыраш аяк** *к.* **аяк.**

АЖЫРАШТЫР ажыраш этишинин аркылуу мамилеси.

АЖЫРАШУУ ажыраш этишинин аркылуу мамилеси.

АЖЫРОО ажыра этишинин кыймыл атоочу.

АЖЫРЫК *зат.* Кумдуу жерге чыгуучу, жылкы жакшы көрө турган чөп. *Ажырык, ак чөп, бетегe, Даамдуу чөптүү жедирдим* (Тоголок Молдо).

АЖЫРЫМ *зат.* Мамиленин ортосундагы үзгүлтүк, бөлүнүш; айырма, ажыраткандык. *Партия бир денедей чулуланттыы. Ажырым арабызда болбойт бошток* (Алы).

АЖЫТ *зат.* Тиешелүү маани, таандык экендик. *Ажытын ачып берүү.*

АЗ I *такт.* Көп эмес, белгилүү өлчөмдөн кем, жетишсиз. *Жигитке жетимиш түрдүү өнөр да аз* (макал). *Акылсызга ар качан Айткандарың биары аз* (Барпы).

◆ **Бир аз** — анча-мынча, көп эмес. *Таң калбаңыз менин үшул алымда, Олтур, аяш, бир аз менин жанымда* (Алы).

АЗ II *этиш.* Тентүү, кангуу, бозуп кетүү. *Азып кетип айылдан Абаке Кошой акыры Аман көрдүм өзүңдү* («Манас»). *Калкымдан аздым көрүнбөй Кайгы көп ичтен бөлүнбөй* (Токтогул).

АЗ III *этиш.* 1. Арыктоо, жабыгуу, жүдөө, этинен-өңүнөн түшүү. *Атанын сакалдары биринден, эриндери кумсарып азып калды* (Сыдыкбеков). *Көптөн бери жол жүрүп, өзүбүз азып калдык* (Элебаев).

2. Абдан кедейленүү, жардыланууу, жакырданууу. *Азаматтын азганы — көчкөндө жөө басканы* (макал).

АЗА I *зат.* 1. Өлгөн адамга карата кайгыруучулук, жалпы эл тарабынан колдонулуп жүргөн, мис., аялы кара кийинүү, белгилүү убакытка чейин башка эч жакка чыкпоо сыяктуу салттар менен аны жоктоп кайгыруучулук; кайгы, күйүт. *Алийман алты ай кара кийип, эски салттын жол-жобосу боюнча.. күйөөсүнө аза күткөн* (Осмоналиев).

2. Өлгөн адамдын жакындары өлүккө кеткен каражат, чыгым үчүн кошумча иретинде алып баруучу мал, жардам. *Азага берген мал эле* («Семетей»).

АЗА II *туурасы*: **аса.**

АЗААТ *туурасы*: **насаат, насият.**

АЗАДАР *сын.* Капалуу, кайгылуу, азалуу, аза тарткан.

АЗАЗИЛ *туурасы*: **азезил.**

АЗАЙ *этиш.* Кемүү, аз болуу, басандоо. *Ск-дары калды азайып* («Эр Төштүк»). *Мурункудан сейректеп, Чуу азайып тынгансыйт* (Жантөшев).

АЗАЙТ азай этишинин аркылуу мамилеси.

АЗАЛА *этиш.* 1. Киши өлгөн үйгө мал же бир нерсе алып барып, көңүл айтуу. *Баласын азалап бардык.*

2. Кайгы тартуу, аза күтүү.

АЗАЛОО азала этишинин кыймыл атоочу.

АЗАЛУУ *сын.* Аза тарткан, кайгылуу, күйүттүү.

АЗАМАТ *зат.* 1. Эр жеткен киши, жашы толуп турган жигит; адамгерчиликтүү, жакшы сапаттарга ээ болгон киши. *Чоңоёрсүң эр жетип, Азамат болуп, бел чечип* (Осмонов). *Азамат эрге табылса, Айнектей сулуу жар кызык* (Токтогул). *Эр азамат эл үчүн туулат, элге кыйын иш түшсө, эл үчүн белин буунат* (макал).

2. Биröэнүн ишин жактырып мактоодо колдонулат. — *О, тосуңдаган азаматтарым!* (Сыдыкбеков). — *Бали, азамат! — деди кубанып* (Сыдыкбеков).

АЗАМАТТЫК *зат.* Азаматка таандык жакшы сапат, адамгерчилик, эрдик. *Талап болсо азаматтык кылды* («Советтик Кыргызстан»).

АЗАМАТЧЫЛЫК азаматтык менен бирдей.

АЗАН I *зат. дин.* Элди намазга чакырганда, балага ат койгондо кыйкырып айтыла турган чакырык. *Сопунун көөнү азанда, Соргоктун көөнү казанда* (Токтогул). *Үйгө аксакалдар келишип, азан чакырышып.. «Табылды болсун!» деп ат коюшат* («Эр Табылды»).

АЗАН II: азан-казан *такт.* Чаң-тополоң, ызы-чуу, бака-шака, опур-топур. *«Ак-Жалды минип Каныбек качты» деген сөз айылдын арасын азан-казан түшү-*

рүүдө (Жантөшев). *Кинонун алды азан-казан эл* («Советтик Кыргызстан»).

АЗАНА азына менен бирдей.

АЗАНДАН *такт.* Эртең менен эрте, таң заарынан. *Азандан үйдү чечкиле, Бирөөң да калбай көчкүлө* («Олжобай менен Кишимжан»).

АЗАНЧЫ *зат.* Азан айтуучу, азан чакыруучу. *Азанчы аты «Эшим» деп айта келди* (Аалы).

АЗАП *зат.* Кыйноо, жапаа; кордук, кыйынчылык. *Миң жашап тордо жүрбөй азап тартып, Бир жашап эли менен күлгөн артык* (Аалы). *Азап менен өткөрдүм Айдалып жүрүп өмүрдү* (Токтогул). *Биздики шаарчанын аягында болгондуктан, суу келмеги азап* («Жаш ленинчи»).

◆ **Азабы өтүү** — 1) абдан зарыл болуу; 2) жанга батуу. **Азабын колго берүү** —сазайын берүү, жазасын берүү, көргүлүктү көрсөтүү.

АЗАПТА *этиш.* Кыйноо, жабыр көрсөтүү, азап тарттыруу.

АЗАПТАН *этиш.* Кыйналуу, убараланууу; азап тартуу.

АЗАПТАНУУ азаптан этишинин кыймыл атоочу.

АЗАПТОО азапта этишинин кыймыл атоочу.

АЗАПТУУ *сын.* Оор, кыйын, жапаалуу. *Айдалып жүрдүм Сибирде Азаптуу жаман турмушта* (Токтогул).

АЗАР I *зат.* Азап, кыйноо; кордук, кысым. *Кожоюнум Өмүрбек, Азары болду мага көп* (Барпы). *Аалам кылды жаныма, Арман жаштын азары* (Тоголок Молдо).

АЗАР II: азар-безер кылуу — тынчын алуу, тынчын кетирүү.

АЗАР III: азар түмөн — сан жеткис, эсепсиз, абдан көп. *Азар түмөн көпчүлүк, Арбын балбан салбады* («Манас»).

АЗАР IV *туурасы:* **назар.**

АЗАРМАН: азармандан безерман болуу — өзүнө жакын жуутпоо; жанын сабоо. *Ал жөнүндө уккум да келбейт —деп, Бурма азармандан-безерман болду* (Каимов).

АЗАТ I *зат.* Эркиндик, боштондук, көз каранды эместик; эркин. *Азат таңы кара түндү талкалап, Ата Ленин эркин күнгө жеткирди* (Бөкөнбаев). *Мындай азат заманды Ата-бабаң көргөн жок* (Тоголок Молдо). *Башын ачып, кызын азат кылып алууга.. күч керек* (Сыдыкбеков).

АЗАТ II: азат бою — бүт денеси, бүткөн бою. *Айбатын көргөн адамдын Азат бою калтылдап* («Манас»). *Азат бою дүркүрөп, Кулагы укпай күңгүрөп* (Жантөшев).

АЗАТТЫК *зат.* Эркиндик, боштондук, көз каранды эместик. *Өзгөрүш жолу ачылды, Азаттык нуру чачылды* (Тоголок Молдо).

АЗАТЧЫЛ *сын.* Эркиндикти, боштондукту, көз каранды эместикти сүйүүчү.

АЗАЮУ азай этишинин кыймыл атоочу.

АЗГЫН I *сын.* Жолдон чыккан, азыптентип, каңгыган. *Ат азгыны — жорго, адам азгыны — молдо* (макал).

АЗГЫН II *сын.* Арык, жүдөө, начар. *«Азгын экен кантер экен бала» деп, Сен үшкүрдүң күн кыскасын болжолдоп* (Осмонов).

АЗГЫР *этиш.* Туура жолдон чыгаруу, кызыктырып өз тарабына тартуу, башка жолго буруу. *Арабызда азгырган Алдамчы бар дечү эле* (Токтогул). *Ашым канча азгырса да [Көсөлдү] айныта албады* (Каимов).

АЗГЫРГЫЧ *сын.* Айныткыч, жолдон чыгаруучу, азгыруучу.

АЗГЫРГЫЧТЫК *зат.* Айныткычтык; жолдон чыгаруучулук, азгыруучулук.

АЗГЫРМА *зат.* Айнытма, жолдон чыгаруучу; азгыргыч.

АЗГЫРМАЛУУ *сын.* Айнытмалуу, айныта турган, жолдон чыгара турган, азгырмасы бар. *Айдай жаркып окуп жатат Москвадан, Азгырмалуу таттуу сөзгө алданбай* (Үмөталиев).

АЗГЫРУУ азгыр этишинин кыймыл атоочу.

АЗГЫРЫК *зат.* Азгыруучулук, азгыргандык, жолдон чыгарууга кылган аракет. *— Бизде бай-манаптардын азгырыгына кирип алып колхоздон безип жүргөндөр бар* (Элебаев).

АЗГЫРЫЛ азгыр этишинин туюк мамилеси.

АЗДАП *такт.* Аз-аздан, кичинеден, акырындап, анча-мынча. *Ата-эне айткан кереэзди Аздап эске сала жүр* («Мендирман»).

АЗДЫК *зат.* Жетишсиздик, аз экендик. *Аздык кылар ырга салып сүрөттөө* (Осмонов). *Аздык кылат отунуң, Отунга ылдам барып кел* (Тоголок Молдо).

АЗДЫР I: аздыр-көптүр *такт.* Анча-мынча, бир аз, аз болсо да; аз же көп дебей. *Азамат болсоң ак иштеп, Аздыр-көптүр малың бак!* (Токтогул).

АЗДЫР II аз этиштеринин аркылуу мамилеси.

АЗЕЗИЛ *зат.* **1.** Диний түшүнүк боюнча: жаман жолго азгырып туруучу азыткы, шайтан. *Асмандагы азезил Айкырыгын салгандай* (Аалы).

2. *өт.* Азгыргыч, азыткы, азгырып туура жолдон тайдыруучу. *Көрсө, [Чегиртке] акмак азезил тура!* (Сыдыкбеков).

АЗЕК: азек-мазек сөз — күлкүлүү, тамашалуу сөз. *Азек-мазек сөз айтсак, Кайыр элек кыз бала* (Тоголок Молдо).

АЗЕЛИ *туурасы:* **эзели.**

АЗЕМ *туурасы:* **асем.**

АЗИЗ I *сын.* Ардактуу, кымбаттуу, кадырдуу. *Ардактуу жандан азиз көрүүчү киним* (Аалы). *Мында алыстан келген азиз меймандарыбыз отурат* (Таштемиров).

АЗИЗ II *сын.* Эки көзү тең сокур.

АЗИЛ *зат.* Тамаша. *Жалган жерден мени үйлөнөт деген азилди койсоңор боло! — деди Бекжан* (Абдукаримов).

АЗИЛДЕШ *этиш.* Тамашалашуу, азил сөз айтышуу, тамаша сөз айтышуу. *Теңтуштарым азилдешип да, өзүм да кепке салып иниңиздин оозунан акылдуу кеп*

уга албадык (Сыдыкбеков). *Кулбаш Ражаб менен азилдеше сүйлөшүп жатты* (Абдукаримов).

АЗИЛДЕШҮҮ азилдеш этишинин кыймыл атоочу.

АЗИЛДҮҮ *сын.* Тамашалуу, күлкүлүү.

АЗИЛКЕЧ *зат.* 1. Тамашакөй, тамашачыл, тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн адам. *Бул ушундай азилкеч, жолдош командир* (Жантөшев).

2. Азил айтышып, тамашалаша турган курбу, курдаш, теңтуш.

АЗИР азыр II менен бирдей.

АЗИРЛЕН азырлан менен бирдей.

АЗИРЕТИ *сын. эс.* Улуу даражалуу, улуу урматтуу; ыйык. *Азирети эшеним, Сүйлөйсүң сөздүн бекерин* (Токтогул).

АЗОО *сын.* 1. Үйрөтүлбөгөн, үркүнчөөк, чалпоо (мал жөнүндө). *Тайынан жүгөн салбай азоо өскөн, Табылбас асыл тулпар болот туяк* (Үмөталиев). *Укурук салбас азоолор Жүгөндөп минсең көнүгөт* (Токтогул).

2. *өт.* Тынчыбаган, толкунданган, бой бербеген, эз-жаа бербеген, алып учкан. *Ашынды азоо толкун тилге кирбей,.. бууракандап күркүрөп* (Бөкөнбаев).

АЗООЛӨК *такт.* Бир аз, анча-мынча, аздыр-көптүр, азыноолок. *Чуру-чуу азоолок тынчтана түштү* (Бейшеналиев). *Бир түнөдүп алган соң, оңой менен жазылбасын азоолок байкап калган Түгөл Сапарды өзүнө чакырып алды* (Бейшеналиев).

АЗООЛОН *этиш.* 1. Азоолук кылуу, чалпоолонуу.

2. *өт.* Шоктонуу, бой бербөө. *Алда жеңе, азоолонбой угуп турчу кебимди* (Бөкөнбаев).

АЗООЛОНУУ азоолон этишинин кыймыл атоочу.

АЗООЛУК *зат.* 1. Азоо малга таандык сапаттар, үйрөтүлбөгөндүк, жоош эместик.

2. *өт.* Бой бербегендик, эз-жаа бербегендик, эпке-жөнгө көнбөгөндүк.

АЗОТ *зат.* Абанын составына кирүүчү түссүз жана жытсыз газ, химиялык элемент.

АЗОТТУК *сын.* Азотко таандык.

АЗОТТУУ *сын.* Азоту бар, азот кошулган.

АЗСЫН *этиш.* Аз көрүү, аз деп, жетишсиз деп эсептөө.

АЗСЫНУУ азсын этишинин кыймыл атоочу.

АЗУУ I *зат.* Жаактын түп жагындагы чоң тиштер. *[Аттын]..курч азуулары, кургак тоютту күрт-күрт чайнайт* (Сыдыкбеков).

◆ **Азуусун айга жануу** *же* **азуусун кайроо** — кааруланууу, ачууланууу. **Азуу саюу** — азуу тиш чыгуу. *Жылкы асылында азуу саят.* **Азуусунан чалуу** — карый баштоо. *Оозунда бүтүн тиш калбай Азуусунан чалыптыр* (Токтогул).

АЗУУЛАН *этиш.* Арсак-терсек, оркойгон, арсайган көрүнүштө болуу. *Азууланган Ала-Тоонун колотун Айлап жүрүп араладык тынбастан* (Аалы).

АЗУУЛУУ *сын.* 1. Азуусу бар, жырткыч; жырткыч айбан. *Азуулуу жолборс жолобой* («Сейтек»). *Азуулуу зыян салар деп.. Бир балаага чалынып, Бир мүшкүлгө калар деп* («Сейтек»).

2. *өт.* Аркайган, арсак-терсек, арсайган. *Силердин барар жериңер мөңгүсү көккө малынган азуулуу чокулар* (Бейшеналиев).

3. *өт.* Зулум, залим, канкор. *Алайдан кууган болучу Азуулуу жоону жолотпой* (Бөкөнбаев).

АЗЧЫЛЫК *зат.* Аздык, көп эместик, көпчүлүк эмес. *Бул сыяктуу кийим жана жаракталар жортуулга аттанып жүргөндөрдүк азчылыгында гана бар эле* (Жантөшев).

АЗЫК *зат.* 1. Тамак, тамак-аш; жем. *Он токоч, жалгыз чайнек белге байлап, Аз күндүк азыктарын камдап алган* (Токобаев). *Боз таркылдак, таранчы Кыргыектин азыгы* (Тоголок Молдо).

2. Тоют, жем-чөп.

3. Продукт. *Ошол жерде ынак ичиле турган сүттөрүн бир жагына бөлүп коюп, калганын май, курут, быштак, эжигей жана башка сүт азыктарын иштеп чыгаруу үчүн жөнөтүп жатышты* (Убукеев).

4. *өт.* Кубат, күч, дем. *Эмгек — ырыстуу турмуштун азыгы* (Абдукаримов). *Музыка — жан азыгы, жүрөк кылы* (Маликов).

5. Өсүмдүктүн өсүшү, жетилиши үчүн керектүү болгон заттар.

◆ **Азык-түлүк** — тамак-аш азыктарынын жалпысынан аталышы. **Күл азык** — көпкө бузулбай турган азык-түлүк, тамак-аш.

АЗЫКТАН *этиш.* 1. Тамактануу, тамак-аш ичүү.

2. Керектүү заттарды алуу (өсүмдүктөр жөнүндө). *Тамырлары аркылуу өсүмдүктөр азыктанып, көктөп өсөт* (Сыдыкбеков).

АЗЫКТАНДЫР азыктан этишинин аркылуу мамилеси.

АЗЫКТАНУУ азыктан этишинин кыймыл атоочу.

АЗЫКТУУЛУК *зат.* 1. Азык болуу сапаты.

2. Продукталуулук. *Мал чарбачылыгынын азыктуулугун жогорулаталы* («Советтик Кыргызстан»).

АЗЫН: азын-көбүн *такт.* Аздыр-көптүр. *Азын-көбүн мал айдап, Алдына түшүп эзрчитип, Кайнына алып барбадым* («Сариножи — Бөкөй»).

АЗЫНА *этиш.* 1. Катуу кишенөө (көбүнчө айгыр жөнүндө). *Кыракдан азынап чыгып калган айгыр төр ылдый куюлуп түштү* (Сыдыкбеков). *Айгырлары азынап, Кулун-тайы кишенеп* (Тоголок Молдо).

АЗЫНАТ азына этишинин аркылуу мамилеси.

АЗЫНОО азына этишинин кыймыл атоочу.

АЗЫНООЛАК *туурасы*: **азыноолок.**

АЗЫНООЛОК *такт.* Бир аз, анчамынча, анча көп эмес. [*Жаңыбай*].. *күндүр-түндүр азыноолок малын өзү баккан адам эле* (Жантөшев).

АЗЫҢКЫ *сын.* Бир аз азган, арыктагансыган; жүдөгөнсүгөн, жүдөңкү. *Өңү азыңкы тарткан* (Бейшеналиев). [*Каныбек*] *каштары түйүлүп, кабактары бүркөө, өңү азыңкы* (Жантөшев).

АЗЫР I *такт.* Эми, ушул учурда, ушу кезде. *Март айы болсо да, азыр бул жерде жаз белгиси жок* (Жантөшев).

АЗЫР II *сын.* 1. Даяр, дайын. *Артында болсо Табылды, Азыр бол деп айтып өт* («Эр Табылды»).

2. Сак. *Колхоздун малына азыр бол.*

АЗЫР III: **айран-азыр** — аң-таң, таң калуу, айран-таң калуу. [*Мөмөнүн*] *неден болгонуна айран-азырмын* (Сыдыкбеков). «*Адам эмес, дөө го?*» — *деп, Айран-азыр калышты* («Манас»).

АЗЫРКЫ *сын.* Ушул убактагы, ушул учурдагы, ушу кездеги, эмки. *Атактуу койчу аталып, Азыркы кезде даңктамын* (Осмоакул). *Азыркы челекчи Афанас бүйрө адам го!* (Сыдыкбеков).

АЗЫРКЫСЫН *такт.* Ушул мезгилде, азыркы мезгилде; азырынча. *Акишим азыркысын да силерден тың* (Сыдыкбеков). *Азыркысын чоң Кула ат Бир күнчүлүк эти бар* («Манас»).

АЗЫРЛА *этиш.* Даярдоо, даяр кылуу; камдоо. [*Акбар*].. *кийинип орто бөлмөгө чыкса, Настен чай азырлап жүргөн экен* (Убукеев).

АЗЫРЛАН азырла этиштин өздүк мамилеси.

АЗЫРЛОО азырла этиштин кыймыл атоочу.

АЗЫРТАДАН *такт.* Эмитен, ушул учурдан, ушул убактан. *Алдыбыздан душман чыгып калбасын, Азыртадан бештен окту октосок* (*Шамшиев*).

АЗЫРТАН *такт.* Эмитен, ушул учурдан, ушул баштан,. *Азыртан боюң көтөрбөй, Абалы кыздан сыр сура!* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алдыңкы чарбалар [уйду] боргo байлап семиртүүнү ушул азыртан уюштурушту* («*Советтик Кыргызстан*»).

АЗЫРЫНЧА *такт.* Азыр, азыркы кезде; ушул мезгилге чейин; убактынча, белгилүү убакка чейин. *Азырынча бул короодон жүз кой кыркылды* (Жантөшев). *Газетабыз азырынча элге тегин таратылат* («Эркин тоо»). *Атам менен Эсен акем азырынча карааанды көбөйтүп, биз менен иштеше турсун* (Жантөшев).

АЗЫТ *зат.* Азгырык. *Азытка кирсең азарсың, Аныктап кара басарсың, Акылыңдан шашарсың* («Манас»).

АЗЫТКЫ *зат.* Азгыруучу, азгырып, башка жолго буруп кетүүчү. *Арада шайтан азыткы Айнытып бизди кетер дейм* (Тоголок Молдо). *Кетериңде дүнүйө, Азыткыдай алдайсың* (Токтогул).

АЙ I *зат.* 1. Күн нуруна чагылышып жаркырап көрүнүп туруучу асман телосу. *Сөөлөткө жасап койгондой Асмандын көркүн ай берет* (Аалы).

2. Жылдын он экиден бир бөлүгүн көрсөтүүчү мезгил. *Январь айы, февраль айы ж. б.*

◆ Айдан **ачык** — апанык, даана, так. **Ай жамалдуу, ай жүздүү** *же* **ай чырайлуу** — айдай сулуу, абдан сулуу. **Ай туяк** — 1) ача туяктуу эмес; жылкы; 2) курмандыкка чалуучу жылкы. *Кош башына бир байтал Ай туягын союшуп* («Манас»). **Ай балка** *к.* **балка.** **Ай балта** *к.* **балта.** **Ай башы** — *дин.* айттын алдынкы күнү, арапа. *Келин-кыздын көркүнө Айт, ай башы күн кызык* (Токтогул). **Айы-күнү жетүү** *же* **толуу** — төрөөгө жакын калуу. **Айы оңунан тууган** — жолу болгон, иши оңунан чыккан, иши оңолгон. **Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок** — өтө сулуу, келишкен сулуу. **Ай II: ай-аалам** — бүт дүйнө, жер жүзү. *Кетти атагың ай-аламга таралып* (Тоголок Молдо).

Ай III; ай талаа — ээн, эл жашабаган жер, ээн талаа. **Ай далы** — далынын үстү.

АЙ IV *сырд.* 1. Көңүл бурдуруу, тескөө максатында, кайрылуу иретинде колдонулуучу кыйкырык. *Ай, Акия, тынч олтур!* (Сыдыкбеков). [*Орусбек*] *койайды укпай эзлигип жөнөйт* (Сыдыкбеков). *Курбум ай!.. Кандай шайыр биздин кыздар, Мисалы, колхоз кызы Бүбүяны ал* (Турусбеков).

2. Таң калгандыкты, кубангандыкты, шаттангандыкты билдирүүдө колдонулат. *Ой бали ай, ашыкыктын ана күчү!* (Осмонов). *Койчу кыйкырат*: «*Пай-пай, Азаматтын жүрөгү ай!*» (Борбугулов).

3. Өкүнгөндүктү, чочугандыкты, кейигендикти билдирүүдө колдонулат. *Ай, ким билет, ишенбей калдым сага* (Байтемиров). *Кичинекей кыз коркуп кетип*: — *Энеке ай!* — *деди* (Сыдыкбеков). *Балдардын билбестиги ай!* (Сыдыкбеков).

АЙБААЛЫ *зат.* 1. *диал.* Жаа, жаачы.

2. *өт.* Арык, тартайган.

АЙБАН I *зат.* 1. Колго багылган жана жапайы (көбүнчө жырткыч) сүт эмүүчү жаныбарлар. *Айбан туруп сүйлөгөн, Жылкыдан башка Чалкуйрук* («Эр Төштүк»). *Айбан эңкейсе, жер урпөйөт* (макал). *Айбан аласы сыртында, адам аласы ичинде* (макал).

2. *өт.* Адамгерчилиги жок, мүнөзү жаман, орой; ырайымсыз, таш боор. *Айбан эмей эмне, Адамчылык кылбаса* (Тоголок Молдо). *Теңир урган Чоктойдун Жоругу айбан малда жок* (Тоголок Молдо).

АЙБАН II *зат.* 1. Үйгө жанаштыра салынган, көбүнчө калканчы бар аянтча, секиче, бастырма. *Токтор менен Кулгай айбанда отурган эле* (Абдукаримов).

2. Калканч. *Башында айбаны тар шапке* (Абдукаримов).

АЙБАН III *зат.* Чоң чегиртке. *Жаачы баатыр тук коркпос, Көк айбанга саал окшош* (Осмонов).

АЙБАНАТ *зат.* Жалпы эле айбандар (I-маанисинде), айбандарга карата берилген жалпы ат. *Айбанат тоолуу жердин көркү* (Бейшеналиев). *Жарганаттын*

жуну жок, Айбанаттын тили жок (Токтогул).

АЙБАНДЫК *зат.* 1. Айбанга тиешелүү касиет, сапат. *Айбандыгың болбосо, Акылың артык бир малсың!* («Эр Табылды»).

2. *өт.* Адамгерчиликке сыйбагандык, адамгерчилиги жоктук, жырткычтык. *Көрдуңөрбү, агалар, Айбандык кылык билинди* («Эр Төштүк»).

АЙБАНЧЫЛЫК **айбандык** менен бирдей.

АЙБАР *зат.* Каар, сүр, айбат. *Жүзүндө айбары бар.*

АЙБАРДУУ *сын.* Каардуу, сүрдүү, айбаттуу. Арстандай *айбардуу.*

АЙБАТ *зат.* Кайрат, каар, сүр. *Өзүбүз айбат кылбасак, Ким бизди кимден коргомок* (Турусбеков). *Арстан Манас баатыры Айбатын салып айкырып* («Манас»). *Алмамбет келип калыптыр Айбаты алгыр жолборстой* («Манас»).

АЙБАТТАН *этиш.* Сүр көрсөтүү, айбат көрсөтүү, айбат кылуу. *Айбаттанып акырып, Аскердин алдын жапырып* («Манас»). *Арстандай болгон баатырлар Айбаттана калды дейт* (Аалы).

АЙБАТТАНУУ **айбаттан** этишинин кыймыл атоочу.

АЙБАТТУУ *сын.* Сүрдүү, каардуу. [*Балдар*].. *тигил берендей ормойгон айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты* (Сыдыкбеков). *Ажыдаардай айбаттуу, Аныс жолборс кайраттуу* («Курманбек»).

АЙБАТТУУЛУК *зат.* Сүрдүүлүк, каардуулук.

АЙБЫГУУ **айбык** этишинин кыймыл атоочу.

АЙБЫК *этиш.* Ийменүү, жазгануу, тартынуу, уялуу. *Атай жалгыз чоочун үйгө басып кируугө айбыга турган* (Бейшеналиев). *Келиндерге мен калдым Кеп айтышпан айбыгып* (Токтогул).

АЙБЫКТЫР **айбык** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙБЫН **айбык** менен бирдей. *Атажурт берди буйрукту Айланам, балдар, айбынба* (Бөкөнбаев).

АЙВА *зат.* 1. Түштүктө өсүүчү жемиш берүүчү жыгач.

2. Ушул жыгачтын алмага же алмурутка окшош келген жемиши.

АЙВАН *тууралуу*: **айбан.**

АЙГАЙ *зат.* Катуу кыйкырык. *Ан сайын айгайын баспай үн салды* («Манас»).

АЙГАЙЛА *этиш.* Катуу кыйкырык салуу, айгай салуу. *Колду баштап жөнөдү, Айгайлаган чуу менен* (Тоголок Молдо).

АЙГАЙЛАТ **айгайла** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙГАЙЛОО **айгайла** этишинин кыймыл атоочу.

АЙГАК *зат.* Сөз ташуучу, чагымчы. *Жаман айгак жанынан тартат* (макал). *Айгакка алты таяк* (макал). *Жандими жансыз айгак бар, жан бергенден тартынбайт* (Тоголок Молдо).

АЙГАШ *этиш.* Айгышуу, эрегишүү, өчөгүшүп салгылашуу. *Айгашкан кан-кор душманга Ажалдан башка энчи жок* (Бөкөнбаев).

АЙГАШУУ **айгаш** этишинин кыймыл атоочу.

АЙГИНЕ *такт.* Ачык, даана. *Асман ачык, аба тынч, алыстагы караан айгине көрүнөт* (Убукеев).

АЙГИНЕЛЕ *этиш.* Ачык, даана көрсөтүү. *Курбулар, турмуш жайын айгинелейм, Албастан ошо бойдон ичке катып* (Маликов).

АЙГИНЕЛЕТ **айгинеле** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙГИНЕЛӨӨ **айгинеле** этишинин кыймыл атоочу.

АЙГЫР I *зат.* Жылкынын үйүргө кошулуучу эркеги. *Айгыр болор кулундун жаак эти чоң болот* (макал).

АЙГЫР II: сары айгыр — саргыч түстөгү келген кичирээк чымчык.

АЙГЫШ *тууралуу*: **айгыш.**

АЙДА I *этиш.* 1. Турган жеринен башка бир жакка чаап, жазгап, дабыштап ж. б. кетирип жиберүү, кууп жиберүү, оолактатуу, алдындагы малды тескей жүрүү. *Ээрди аттан алышып, Адырга айдап салышып* (Үсөнбаев). *Кырк бир чаар күлүк ат айдап, үйүнө жөнөп калды эми* («Эр Төштүк»).

2. Башкаруу, жүргүзүү, кыймылга келтирүү. *Вера Павловна дрожканы өзү айдап келди* (Байтемиров). *Мектепте машина айдаганды, трактор айдаганды үйрөтөт* (Касымбеков). *Толкун согуп кетпейби, Кемени койсо айдабай* (Бөкөнбаев).

3. Жер оодарып жиберүү; кууп жиберүү. *Жаш кезимден карышы элем, Журтумдан айдап кетирди* (Токтогул). *Шамбеттер... Чегирткени айылдан айдап салган* (Сыдыкбеков)

АЙДА II *этиш.* 1. Эгинди же башка өсүмдүктөрдү эгүү үчүн жерди коңторуу, үрөн себүүгө ылайыктоо. *Трактор минип жер айдап, Дыңды аңтарып таштагын* (Осмонкул). *Жер айдап, кээси арпа, кээси таруу себишет* (Байтемиров).

2. Эгин, өсүмдүк эгүү. *Эгин айдап, жакшы бак, Жазында чыгат жалтылдап* (Токтогул). *Ал экөөбүз чоң энем айдаган пияздан жесек, көзүбүздөн жаш аккан* (Сыдыкбеков).

АЙДА III *сырд.* «Кана», «кана эмесе» деген мааниде, же «болду», «тез» деген мааниде колдонулуучу сөз. — *Айда, балдар, тайганды дагы коркуталы* (Сыдыкбеков). *Айда, экинчи көзүмө көрүнбө!* (Сыдыкбеков). *Айда, жүктөп жөнөтө бергиле* («Чалкан»).

АЙДАГАР **ажыдаар** менен бирдей.

АЙДАЙ *сын.* Ай сыяктуу, абдан сулуу, назик, жадырап-жайнаган. *Толгон айдай, Туугап айдай. Айдай сулуу.*

АЙДАЙТ *сырд.* Күчөтүү, шыкак берүү маанисинде айтылуучу кыйкырык.

АЙДАК *сырд.* 1. Итти тукурууда колдонулуучу сөз. *Ой-тоону бузуп жапырып: Айдак, айдак, айдак — деп, Куу түлкүнү шаштырып* («Семетей»).

2. *өт.* Тукурук, тукуруу.

АЙДАКТА *этиш.* 1. Итти тукуруу.

[*Алыбек*] *анда-санда иттерин айдактап коёт* (Жантөшев).

2. *өт.* Башка бирөөгө тукуруу, өчөгүштүрүү, кайраштыруу. [*Сейитти*].. *бирөө айдактабай койду дейсиңби* (Сасыкбаев).

АЙДАКТАТ айдакта этишинин аркылуу мамилеси.

АЙДАКТОО айдакта этишинин кыймыл атоочу.

АЙДАЛ айда этишинин туюк мамилеси.

АЙДАЛУУ I *сын.* Айдоодогу, айдалып бара жаткан. *Айдалуу мал.*

АЙДАЛУУ II *сын.* Айдалган, айдалып-себилген, айдалып коюлган. *Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу* (макал).

АЙДАМА I *сын.* Жапайы эмес, айдалуучу, эгилүүчү (мис., өсүмдүк жөнүндө). *Айдама эгин.*

АЙДАМА II *сын.* Бирөө айтмайын, өз демилгеси менен эч нерсе иштебей турган, бирөөнүн айтканы боюнча жүргөн (мис., киши жөнүндө). *Айдама киши.*

АЙДАР I *зат.* Төбөгө коюлган чач. *Беш балбанды карасаң, Төбөдө айдар чачы бар* («Манас»).

АЙДАР II *зат.* Айдарым жел, желаргы. [*Чаргын*].. *жогортон муздак айдар беттерин желпип өтсө, аны да көп сезе бербей туруп кескин сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

АЙДАРЛУУ *сын.* Айдары бар, айдар коюлган, айдар чачтуу.

АЙДАРЫМ *зат.* Желаргы, азыраак жел (көбүнчө эртең менен, кечинде жүрүүчү жел). *Айдарым желге ыргалган, Ак кайың-дай шоодурап* (Маликов).

АЙДАТ 1. айда этиштеринин аркылуу мамилеси.

2. Токтолбой айта бер, жөнөтө бер деген мааниде шыкак берүү иретинде колдонулуучу сөз. *Айдат, Манастан, биз да башты бекер оорутпай жыргай түшөлү* (Бейшеналиев).

АЙДАШ айда этиштеринин кош мамилеси.

АЙДОО I *зат.* Айдалып коюлган же айдалып эгин себилип коюлган жер. *Келатып айдоо бойлоп көзү чалды Тердиктей ала болуп калган солун* (Турусбеков). *Айкөлдүн кара талаасы Карарган айдоо болуптур* («Манас»).

АЙДОО II *зат.* Башка жакка жер оодарып жиберилген жаза, сүргүн. *Айдоодо жүрүп Токоңдун Күндөрү өткөн сандалып* (Токтогул).

АЙДОО III айда этиштеринин кыймыл атоочу.

АЙДООЧ *зат.* Чабылуучу күлүктөрдү коё бериле турган марага жеткирүүчү киши. *Күлүккө жеңдей-жеңдей балдар минип, Айдоочтор жолго салып ыкчамдады* (Маликов).

АЙДӨШ *сын.* Барган сайын көтөрүңкү, көкүрөк жагы улам өйдөлөп жазыраак тарткан (мис., жер жөнүндө). [*Кыштактын*] *батыш тарабы айдөш тартып, улам көтөрүлө берип, белеске айланып кетет* (Таштемиров). *Айдөш келген кең талаа* (Баялинов).

АЙДӨӨШ айдөш менен бирдей.

АЙДЫН *туурасы*: **айдың.**

АЙДЫҢ *зат.* **1.** Айдын жарыгы, жаркын; айдын жарыгы түшүп турган жер. *Айдыңга салып кырман сапырдым.*

2. Кең, жайык, мелтиреген, чалкар; даңгыл. *Тетиги айдың сары талаада, Мен беттешип көрөйүн* («Манас»). *Ак кардын суусу кошулса, Айдың көл шарпып толкуйбу* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ак-Сайдан жөнөп калышты, Айдың жолго салышты* (Тоголок Молдо).

3. Атак, даңк, айбат, сүр. *Элин жоого алдырбас, Айдыңы даңктуу колсуңар* («Мендирман»).

АЙДЫҢДУУ *сын.* Атагы алыска кеткен, даңктуу; айбатуу, сүрдүү. *Ала-Тоодо айдыңдуу, Ак калпак кыргыз элим сен* (Токтогул). «... *Менин Нурматыма... кызын бербесе, таарынбасын» деп* [*Мамат кор башынын*] *коркуткан айдыңдуу сөзү* (Жантөшев).

АЙЗА *туурасы*: **найза.**

АЙКАЙ айгай менен бирдей.

АЙКАЛ *этиш.* Қынала жанашуу, кыналышып жанашкан абалда болуу, айкалышуу. *Ал кезде айлың бирге ык болгон соң, Айкалып өзүң менен тааныш болду* (Токобаев).

АЙКАЛА айкара менен бирдей.

АЙКАЛЫШ *этиш.* Қынала жанашуу, кошулуу, чырмалыша биригүү; айкашуу. *Айкалышып көрүшүп, Сөзгө мыкты кандыңбы?* (Тоголок Молдо). *Айкалышып асылдар Кошулушуп калды дейт* («Эр Төштүк»). *Ошол тыңчтык айкалышып эмгекке Мекенимди дагы көркө бөлөсүң!* (Нуркамал).

◆ **Сөз айкалышы** — *грам.* грамматикалык жактан байланышкан эки же бир нече сөз.

АЙКАЛЫШТЫР айкалыш этишинин аркылуу мамилеси.

АЙКАЛЫШУУ айкалыш этишинин кыймыл атоочу.

АЙКАНА айкара менен бирдей.

АЙКАРА *такт.* Кийимдин, мисалы, чапандын бир этеги бут жагына келген абалы (көбүнчө жамынганда). *Қандагай жаргак чапанын Айкара жаап қымырды* (Жантөшев).

АЙКАШ I *зат.* **1.** Кез келишкен, беттешкен салгылаш, уруш, согуш; күрөш. *Айкашта мөөрөй бербестен, Актадың сүтүн эненин!* (Бөкөнбаев).

2. Қайчылашкан абал, кайчы келишкен абал. *Аттан түшүп алышып, Атты айкаш байлашып* («Манас»).

АЙКАШ II *этиш.* **1.** Кайчылаш келүү, бири-бирине кыналыша жанашуу, кучакташуу, кошулушуу, биригишүү. *Мен өзүмдү тааныштырдым, Эки айкашып көрүштүк* (Аалы). *Зоо жаңырып түркүн үн Бир-бирине айкашты* (Жантөшев).

2. Кез келишип беттешүү, беттешип кезигүү, кырчылдашуу. *Айкашкан кандуу майданда Аманын тилейм жаныңдын* (Бө-

көнбаев). *Атышты арбын салалык, Издеген жоом келипсиң, Бир айкашып калалык* («Эр Төштүк»).

3. *грам.* Жалгануу, уланууу. *Уңгуга мүчө айкашканда.*

АЙКАШТЫР айкаш этишинин аркылуу мамилеси.

АЙКАШУУ айкаш этишинин кыймыл атоочу.

АЙКӨЛ *сын.* Кең пейил (көбүнчө Манас жөнүндө айтылуучу эпитет). *Айкөл Манас кабылан.*

АЙКҮР *зат.* Чүкөнүн таа жагына карама-каршы жагы, чүкөнүн жылмараак жагынан конгон абалы, алчы. *..сакаларынын айкүрүнөн жанбаганына тың калышар эле* («Советтик Кыргызстан»).

АЙКҮРЧҮЛ *сын.* Көбүнчө айкүр конуучу, алчы жагы менен түшүүчү (чүкө же сака жөнүндө).

АЙКЫН *сын.* Даана, ачык; аныk, так; белгилүү. *Алыстан айкын көрүнөт, Желбиреп желге кызыл туу* (Нуркамал). *Тактап, ойлоп, айкын-жообун бериңиз* (Аалы). *[Кардыгач].. айкын бөксө жол менен абасынын алдын тосуп жөнөп бара жатты* («Эр Табылды»).

АЙКЫНДА *этиш.* Ачык көрсөтүү, ачып көрсөтүү, аныктоо, айкын көрсөтүү. *Закирдин эрдигин төшүндөгү өкмөттүк сыйлык айкындайт* (Бөкөнбаев).

АЙКЫНДАЛ айкында этишинин туюк мамилеси.

АЙКЫНДАТ айкында этишинин аркылуу мамилеси.

АЙКЫНДОО айкында этишинин кыймыл атоочу.

АЙКЫНДООЧ *зат. грам.* Сүйлөмдүн баш мүчөлөрдөн башка аларга аныктык, тактык киргизген мүчөлөрү, б. а. аныктооч, толуктооч, бышыктоочтор.

АЙКЫР *этиш.* Катуу кыйкыруу, бакыра кыйкыруу. *Каары келип айкырып, Карт жолборстой бакырып* («Эр Табылды»). *Самар шашып калгандыктан, чыңырган ачуу үнү менен айкырып-айкырып жиберди* (Таштемиров).

АЙКЫРТ айкыр этишинин аркылуу мамилеси.

АЙКЫРУУ айкыр этишинин кыймыл атоочу.

АЙКЫРЫК *зат.* Катуу кыйкырык, ачуу чыккан үн. *Айкырыгын баспастан, Эрмек келет сабалап* (Эр Табылды»). *Бир жагынан Музбурчак, Айкырыгы таш жарып Келе жатат чамынып* («Манас»).

◆ **Ач айкырык** — кулак жаңыртkан катуу кыйкырык. *Жети асаба туу алып, Ач айкырык чуу салып* («Манас»).

АЙКЫРЫШ айкыр этишинин кош мамилеси.

АЙЛА *зат.* Амал; арга, ык, мүмкүнчүлүк. *Айла менен Алмамбет Тилегине жетти эми* («Манас»). *Сөз айласын билбеген сөздү өзүнө келтирет* (макал). *Айла болсо, сенин үстүңө чаң жугузгум келбейт* (Байтемиров).

◆ **Айлада жок жаман** — эң жаман, эң начар. **Айласы түгөнүү, айласы куруу же айласы кетүү** — аргасы кетүү, эмне кыларын билбей калуу, кыйын абалда калуу, шаштысы кетүү. **Эң айла болбогондо** — арга болбой калганда, амал түгөнгөндө; эң эле болбой калганда, башка эч мүмкүнчүлүк болбосо.

АЙЛАГЕР *туурасы:* **айлакер.**

АЙЛАКЕР *сын.* Амалдуу, куу, амалкөй, эпчил. *Зор айлакер Коңурбай, Жолдун баарын торгоду* («Семетей»).

АЙЛАКЕРДИК *зат.* Амалдуулук, амалкөйлүк, эпчилдик. *Асан карыянын аңгемесин укkандар Рыскулбектин... айлакер дигине таң калышты* (Аалы).

АЙЛАКЕРЛИК айлакердик менен бирдей.

АЙЛАЛА *этиш.* Айла, амал табуу, ыгын таап колдонуу, амал колдонуу.

АЙЛАЛУУ *сын.* Амалдуу, айлакер, куу. *Айлалуу жоо. Айлалуу түлкү.*

АЙЛАМПА *зат.* 1. Суунун имерилип агып турган терең жери. *[Асканын].. алды жагы мелтиреген көк айлампа ирим* (Мидин). *[Жеңиш] удургуп, төө өркөчтөнүп агып жаткан суунун айлампасына кайырмагын ыргытты* («Жаш ленинчи»).

2. *сүйл.* Тегеретип ат чабылуучу жай, ипподром. *Алты жолу мен көрдүм, Айлампага чапканын* (Осмонкул).

АЙЛАМПАШ *зат.* 1. Бир жагына айлана бере турган мал оорусу.

2. *өт.* Келесоо, башы айланган, эмне кыларын билбеген, бирөөнүн айтканын ээрчий берген.

АЙЛАН *этиш.* 1. Белгилүү бир точканын айланасында жүрүү, айлана-тегерек боюнча жүрүү, учуу, өтүү, тегеренүү; кыдырып чыгуу. *Г. С. Титов «Восток-2» корабль-спутниги менен жер шарын 17 жолу айланып чыкты* («Советтик Кыргызстан»). *Асман менен айланган Канаттуулар бир сонун* (Бөкөнбаев). *[Актан].. бири-биринен оолак салынган үч көчө кыштакты айланып чыкты* (Бейшеналиев).

2. Өз огунда тегеренүү. *Айланат көзгө илинбей станоктор* (Бөкөнбаев). *Күркүрөп мотор айланды Тетигин Сырга басканда* (Бөкөнбаев).

3. Курчоо, тегеректеп алуу. *Алтын осө шаарымды Алты айланып алыптыр* («Курманбек»).

4. Кайрылуу, кайрылып келүү, кайта баруу. *Эми кайра айланып Үч-Дөбө аркылуу барыш үчүн эки-үч күн керек* (Жантөшев). *Ат айланып казыгын табат* (макал).

5. Башка түргө өтүү, башка көрүнүшкө, сапатка өтүү, өзгөрүп кетүү. *Кыштак чакан шаарга айланган* (Сыдыкбеков). *Кичинекей өндүрүш чоң булгаары заводуна айланды* (Сасыкбаев).

6. Белгилүү бир өлчөмгө, орточо санга жетүү; боло баштоо. *Аны кошкондо 40 гектардын түшүмү 30,5 центнерден айланат* (Убукеев).

7. Белгилүү бир убакыт өтүү, толуу. *Жыл айланды. Ай айланбай кайра келип калды.*

8. Жакшы көргөндүгүн, сүйгөндүгүн билдирип жалынуу, жалбаруу; жакшы

көрүү, эркелетүү. *Алдейлеп мени өстүргөн Айланамын кыргыздан* (Бөкөнбаев). *Адамзат болсун эркем деп, Айланып апам күлгөн жер* (Аалы).

9. Курмандыкка **туш** келүү, садага кетүү («куруп калсын» деген мааниде). *Терменин башы арактан Айланып кетсин тамактан* (Шүкүрбеков).

◆ **Айлан көчөк** — балдардын бир орунда туруп тегеренип ойноочу оюну. **Айлан көчөк болуу** — баш айлануу, жер тегерегендей, астын-үстүн болгондой болуп көрүнүү. *Башы айлан көчөк болуп, денеси шалкайды* («Ала-Тоо»). **Ичинен кара кыл айланбоо** *же* **ичинен кара тануу айланбоо** — ичи тардык кылуу, көрө албоо. **Жүрөгү айлануу** — жийиркенүү, кускусу келүү. **Көздүн кареги менен** *же* **агы менен тең айлануу** — ою менен, дегени менен болуу; бирөөгө толук көз каранды болуу, бирөөнүн таасиринде болуу. **Көңүлү айлануу** — өзүн начар сезип, кускусу келүү. **Башы айлануу** — 1) башы тегеренүү, өзүн начар сезип, көзү караңгылоо, алсырап кетүү. *Табылды катты окуп, башы айланып, кеңгиреп жыгылды* («Эр Табылды».; 2) маң болуу, эмне кылларын билбей калуу. [*Андрей*].. *кайда басарын, [үйүн] кимден сурарын билбей башы айланды* (Сасыкбаев); 3) *өт.* мактаныш, менменсинип кетүү.

АЙЛАНА *зат.* 1. Борбордон бирдей аралыкта турган туюк тегерек сызык же чийин, алкак формасындагы курчоо. *Айлана сызуу. Айланаңы тең бөлгөн түз сызык жүргүзүү.*

2. Курчап турган жан жак, тегерегиндеги мейкиндик, бөштүк, туш-туш жак, тегерек. *Күүгүм кирди, айлана тынч, Көшүп жатты капчыгай* (Бөкөнбаев). *Айлана жашыл кымкап жамынгандай күлүңдөйт* (Сасыкбаев).

3. Бир нерсенин тегереги, чети; башаягы. *Дөбөчөнүн айланасы алты канат үйдүн ордунан аз чоңураак* (Сыдыкбеков). *Көлдүн айланасы тай чабымдай* (Жантөшев).

4. Кандайдыр бир иштин, аракеттин таралган чөйрөсү, чөйрө. *Сөз кышка камылга көрүүнүн айланасында болду.*

АЙЛАНДЫР айлан этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЛАНМА *сын.* 1. Тегеренүүчү, тегерене турган, кайталана турган.

2. Тике эмес, айланып өтө турган. *Айланма жол.*

АЙЛАНПА *туурасы*: **айлампа.**

АЙЛАНТ айлан этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЛАНУУ айлан этишинин кыймыл атоочу.

АЙЛАНЧЫК *зат.* Бөлүнүп же таштап кете албагандык, имерчиктей туруп алуучулук, кандайдыр бир байланган себеп. *Айланчыгы бар.*

АЙЛАНЧЫКТА *этиш.* Имерчиктеп алыс кетпөө, бөлүнүп же таштап кете албоо. *Кычан атайлап келгенин билгизүү максатында айланчыктап токтоду* (Бейшеналиев).

АЙЛАНЧЫКТАТ айланчыкта этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЛАНЧЫКТОО айланчыкта этишинин кыймыл атоочу.

АЙЛАНЫШ *этиш.* Кандайдыр бир ишке же кандайдыр бир иш менен кармалып калуу; айланчыктоо. *Бир жумушка айланышып кечигип калдым.*

АЙЛАП: айлап-жылдап — узак убакыт, көп убакыт бою; бир нече айлар же жылдар бою. *Айлап-жылдап күтүү. Айлап жылдап сапар чегүү.*

АЙЛАСЫЗ *сын.* 1. Амалсыз, аргасыз, эрксиз. *Алдымдан нымдуу сыз өтөт, Айласыз жатам жалдырап* (Токтогул).

2. Эң, абдан, өтө эле, болжолсуз. *Айласыз жаман.*

АЙЛАЧЫЛ *сын.* Амалкөй, айлакер, амалдуу. *Аңдап көрчү балдарым, Айлачыл болор бала экен!* (Тоголок Молдо).

АЙЛАШ *сын.* 1. Бир мезгилде төрөлгөн же бир мезгилде төрөй турган. *Айлаш катын — муңдаш* (макал).

АЙЛУУ *сын.* Ай жарык болуп турган, ай тийип турган. *Жылкы баккан кишиге, Жылдыздуу, айлуу түн кызык* (Осмонкул).

АЙЛЫК *зат.* 1. Бир айда ала турган кызмат акы. *Айлык алган күн.*

2. Кандайдыр бир коомдук кампания өткөрүлүүчү бир ай убакыт, 30 же 31 күндүк убакыт. *Достуктун айлыгы. Бир айлык отпуск. Айлык норма. Айлык азык.*

АЙМА *этиш.* 1. Бурдап, жалмап сугунуу. *Адырдагы бетеге, Аймап жеген торпогум* (Тоголок Молдо). [*Төө*].. *жалбыракты жалмаган, Жантакты көрсө аймаган* (Үсөнбаев).

2. *өт.* Өлтүрүү, жок кылуу. *Абыкесин аймармын, Көбөштү көргө киргизип, Көпчүлүктөн айдармын* («Семетей»).

АЙМАК *зат.* 1. Жер, территория, өлкө. *Гүлдөтөлү колхоздун Күндөн күнгө аймагын* (Осмонкул). *Келечегиң дагы кең, Өсө бер Совет аймагы* (Үсөнбаев).

2. Айлана, бир нерсенин жагы, тегереги. *Партиябыз түрдүү улуттун баарысын Бир кишидей аймагына топтогон* (Осмонкул).

АЙМАКТАШ *сын.* Чектеш, чеги жакын. *Аймакташ элдер.*

АЙМАКТУУ *сын.* Жери, территориясы чоң.

АЙМАЛА *этиш.* 1. Жалмалоо. *Ак маманды аймалап, Эмдим эле, энеке* (Турусбеков).

2. Жыттагылап өпкүлөө. *Чоң эне... кагылып-согулуп кебересин аймалады* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Илеби урунуу, тийүү. *Бетти, колду бирде жылуу, бирде салкын жел аймалайт* (Сыдыкбеков).

АЙМАЛАТ аймала этишинин аркылуу мамилеси.

АЙМАЛОО аймала этишинин кыймыл атоочу.

АЙМАШ *этиш.* Бирин-бири жыттагылашып өбүшүү.

АЙМОО айма этишинин кыймыл атоочу.

АЙНА *зат. диал.* Күзгү.

АЙНЕК *зат.* 1. Кварц кумуна бир катар башка заттарды кошуп эритүү жана химиялык жагынан иштетип чыгуу менен алынган тунук зат. *Терезенин айнеги. Шкафтын айнеги. Айнек идиштер.*

2. *диал.* Күзгү.

3. Көз айнек. *Күмүш алкак айнегинин жартысын Басып турат таанып коюу каштары* (Аалы).

◆ **Көз айнек** — көз жакшы көрбөй калганда же көздү жарык нурдан сактоо үчүн көзгө тагынуучу айнектен жасалган курал.

АЙНЕКСИЗ *сын.* Айнек коюлбаган, айнек салынбаган, айнеги түшүп же сынып калган. *Терезенин эки көзү айнексиз.*

АЙНЕКТЕ *этиш.* Айнек салуу, айнек коюу (мис., терезеге).

АЙНЕКТЕЙ *сын.* Мөлтүрөгөн, сулуу. *Азамат эрге табылса, Айнектей сулуу жар кызык* (Токтогул).

АЙНЕКТЕЛ айнекте этишинин туюк мамилеси.

АЙНЕКТЕЛҮҮ *сын.* Айнек салынган, айнек менен капталган. *Айнектелүү сүрөттөрдү бир сыйра карап чыкты* («САЖИ»).

АЙНЕКТЕТ айнекте этишинин аркылуу мамилеси.

АЙНЕКТӨӨ айнекте этишинин кыймыл атоочу.

АЙНЕКТҮҮ *сын.* Айнектелген, айнек менен капталган. [*Сабыр*].. *катар-катар китептер жыйналган айнектүү шкафты ачты да, «Огонек» журналын алды* (Сыдыкбеков).

АЙНЕКЧЕ *зат.* Кичинекей айнек. *Айнекчеси кызарган, Алтымыш бурап чойгондо, Калыбына койгондо, Төш жарыдай узарган* («Манас»).

АЙНЕКЧИ *зат.* Терезеге айнек салуучу киши.

АЙНУУ айны этишинин кыймыл атоочу.

АЙНЫ *этиш.* 1. Убадасында турбоо, айтканынан кайтуу; көздөгөн максатынан, оюнан баш тартуу. *Мурун айтып алып, эми кайра айныйсыз* (Бейшеналиев).

2. Мурдагыдай болбой калуу, эс-акылы төмөндөө, начарлоо. *Али айныбайт, ордунда Акеңдин эс-акылы* («Саринжи — Бөкөй»).

◆ **Жүрөгү айнуу** *же* **көңүлү айнуу** — окшугусу, жускусу келүү; өзүн начар сезүү; иренжүү. **Көз айныган** — көз тайгылган, көз жетпеген. *Көз айныган мунарык, Чөлгө түштү эр Төштүк* («Эр Төштүк»).

АЙНЫГЫС *сын.* Айныбас, айныбай, тургандай, айтканынан кайтпай тургандай. *Эч айныгыс Антташалы экөөбүз* (Мидин).

АЙНЫГЫЧ *сын.* Айткан сөзүнө турбаган, убадасынан көп танган, бат эле айтканынан, көздөгөн максатынан кайткан.

АЙНЫКЕЙ *зат.* Убадасында турбоочулук, айтканынан, убадасынан тануучулук, айтканынан, көздөгөн оюнан баш тартуучулук. *Айнькейи кармсо.*

АЙНЫМА *сын.* Айнып кетүүчү, тез эле айтканынан, көздөгөн оюнан баш тартуучу. *Айныма эски жоругун Атакем эми койгондур* (Маликов).

АЙНЫТ айны этишинин аркылуу мамилеси.

АЙПА: айпап-жайпап кетүү — каптап кетүү, ашып-ташып жайылып кетүү (суу жөнүндө).

АЙРАН I *зат.* Сүттөн уютулган ачкыл тамак. *Айран ичкен кутулуптур, челек жалаган тутулуптур* (макал).

◆ **Аш айран** — талкандын акшагы, таруу сыяктуу дан кошулуп уютулган айран. *Бир көнөчөк аш айран жеткирип бербесең, каным катып кетет го?* (Сыдыкбеков).

АЙРАН II: айран калуу, айран болуу, айран-тан болуу — таң калуу, аң-таң болуу. *Калың эл үч баатырга айран калды* (Аалы). *Алима эже аябай коркуп, нес болгон немедей айран-таң калды* (Абдукаримов).

АЙРАНДА: айранда болуу — айран-таң болуу, аң-таң болуу.

АЙРАНДАТ *туурасы*: **ойрондот.**

АЙРАҢ *туурасы*: **айран II.**

АЙРӨК *сырд.* Бирөөнү шылдыңдап, кордоодо колдонулуучу сөз. *Ай,ай, сен да кордоо сал, Көлдө жаткан көп өрдөк, Айрөк, Айрөк!* (Осмонов).

АЙРӨКТӨ *этиш.* Шылдыңдоо, кордоо; шылдыңдоо максатында «айрөк, айрөк» деп кыйкыруу. *Ыйлабагын, Малабек, Жолдошторуң айрөктөйт Сени ыйлаак бала деп* («Кыргызстан пионери»).

АЙРӨКТӨӨ айрөктө этишинин кыймыл атоочу.

АЙРӨКТӨТ айрөктө этишинин аркылуу мамилеси.

АЙРУУ айыр этишинин кыймыл атоочу.

АЙРЫ I *зат.* Чөп жыйноодо колдонулуучу жыгач сабы бар бир нече ачалуу курал. *Темир айры. Жыгач айры.*

АЙРЫ II *туурасы*: **аары.**

АЙРЫ III Ача, эки ача; ачаланып, эки башы жогору көтөрүлүп турган. *Жол айры болсо, иттин башы каңгы болот* (макал). *Айдап барып мал берем, Айры өркөчтүү нар берем* («Манас»). *Асканын көркүн чыгарган, Айры кезең бел болот* (Осмонкул).

АЙРЫ IV айыр менен бирдей.

АЙРЫБАШ *туурасы*: **айырбаш.**

АЙРЫК *зат.* 1. Кийимдин айрылып калган жери. *Наташа чапандын айрыгын ыпыйта кармап тиге баштады* (Жантөшев).

2. Бир нерсе тийип, теринин тилинип же тытылып кеткен жери. *Ал турмак, колунда сынык тагы бар, Башынын айрык тагы бар* («Эр Табылды»).

3. Кийимдин, чүпүрөктүн айрылып, бөлүнүп калган бир бөлүгү, айрындысы.

4. Суунун, жолдун, коктунун ж. б. бөлүнүп кеткен жери, бөлүнүп кеткен бир тармагы, салаасы. *Ошол үч айрыктан кечип алып, тиги көрүнгөн белди ары эңкейсеңер, Кең-Суудагы элге жетерсиңер* (Жантөшев). *Орто жерде арылдап агып Нура суусунун бир айрыгы жатат* (Жан-

төшев). [*Төр*].. *улам өйдөлөгөн сайын бир нече айрыктарга бөлүнөт* (Сыдыкбеков).

АЙРЫКЧА *такт.* Башкаларга караганда, өзгөчө, бөтөнчө, артыкча. *Бүбүштүн сөзү чындыкка жакындай сезилип, отургандардын көңүлүн айрыкча бурду* (Таштемиров). *Партия менен өкмөтүбүз азыр агартуу ишине айрыкча назарын бурду* (Сыдыкбеков).

АЙРЫЛ айыр этишинин туюк мамилеси.

АЙРЫЛА *этиш.* Бир нерсени айры менен көтөрүү, которуштуруу. *Бакалын силкип айрылап, Жазганын айтсак болбойбу?* (Токтогул).

АЙРЫЛЫШ *зат.* Жолдун, суунун бир нече тармакка бөлүнгөн, ажыраган жери. *Эки жолдун айрылышына келди* (Баялинов). *Жолой атам айткан үч айрылыш жогору болсо керек деп, Каныбек улам суунун жогору жагынан карайт* (Жантөшев).

АЙРЫМ I *такт.* Кээ бир, кайсы бир. *Айрым сабактарды эки кайталап окуду* (Сыдыкбеков). *Айрым жумушчулар жеңиш вахтасында турушту* (Сасыкбаев).

АЙРЫМ II: бир айрым — айрып алынган, бөлүнүп алынган, бир чарчы. *Бир айрым жоолук.*

АЙРЫМ III: ачык-айрым *к.* **ачык.**

АЙРЫМАЧ *туурасы*: **айырмач.**

АЙРЫНДЫ *зат.* Кездеменин же башка нерселердин айрып алынган же айрылып калган бөлүгү, айрыгы. [*Сыдык*].. *мандайына лампа коюп, анын үстүн газетанын айрындысы менен калкалады* (Жантөшев).

АЙРЫШ айыр этишинин кош мамилеси.

АЙСА *туурасы*: **найза.**

АЙСБЕРГ *зат.* Деңизде сүзүп жүрүүчү муз тоо.

АЙСЫЗ *сын.* Айлуу эмес, ай көрүнбөгөн, караңгы. *Айсыз түн.*

АЙТ I *зат.* Диний майрам. *Орозо айт. Курман айт.*

АЙТ II *этиш.* 1. Сүйлөө, сөз аркылуу ой-пикирин билдирүү, бир нерсе жөнүндө баяндоо. *Туган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат* (макал). *Көңүл кири айтса кетет, көйнөк кири жууса кетет* (макал).

2. Ылайык деп табуу, мурдатан ылайык көрүү; буюрса, ушундай болсо деп эсептөө. *Сүзөгөн уйга кудай мүйүздөн айтпаган* (макал). *Эч болбоду дегенде ырдан да кудай айтпады, — деп бир абышка Өмүргө карады* (Жантөшев).

◆ **Айтканынан кайтпоо** — убадасынан тайбоо, сөзүндө туруу, айтканын орундатуу. *Айтканынан кайтпаган Акыл жигит жакшы экен!* (Барпы). **Айтып болгус** *же* **айтып түгөткүс — өтө көп**; айтып аягына чыга албас, канчалык кеп кылса да түгөнгүс. *Өнөрү бар айтып болгус.* **Айтып оозун жыйганча — өтө тез**, дароо. **Ачык айтып, ак сүйлөө** — чынын, туурасын айтуу, болгонун болгондой айтуу.

АЙТ III *сырд.* 1. Итти айдактоодо, чукурууда колдонулат. *Тайгандарын «айт!» деп жиберди.*

2. Малды кайрууда, башкарып-тескөөдө колдонулат.

3. Үркүтүп, чочутууда колдонулат. *Кыярып бышкан ак эгин, Арам колдон аман бол. Айт! айт! куу! куу!* (Осмонов).

◆ **Айт дегенче** *же* **айт дегиче** — дароо эле, ары-бери, көз ачып жумгуча, бир заматта. **Айт берүү** — ойт берүү, *Темингенде айт берип Текедей ыргып чураган* (Осмонкул).

АЙТА: айта-буйта дегиче — көз ачып жумганча, бир заматта, ары-бери, дароо. *Айта-буйта дегиче, Антандап шашып Карачач, Айчүрөккө барды эле* («Сейтек»).

АЙТАК *сырд.* Көбүнчө жылкыны башкарып-тескөөгө карата колдонулуучу сөз. *Үркөнү турган жылкыга айтак десең не зорлук* (макал).

АЙТКАНДАЙ *мод.* Баса. *Айткандай, тууган, мен ага айтууну унутуп баратыпмын* («САЖИ»).

АЙТКЫЗ айттыр менен бирдей.

АЙТМАКЧЫ *мод.* Баса. *Айтмакчы, мен эмнеден баштаган элем?* («Советтик Кыргызстан»).

АЙТОР *мод.* Эмнеси болсо да; кыскасын айтканда; кыязы. *Айтор, Чаргын ордунан турду да, башкалардан мурда эшикке чыкты* (Сыдыкбеков). *Айтор, бир шашылыш иш бар окшойт, жөнө!* (Байтемиров).

АЙТТА *этиш.* Айт күнүн майрамдоо, айт күнү үй кыдырып, айтын куттуктап, тамак-аш ооз тийүү. *Айт күнү* [*Күлүсүн*] *кыздар менен айттап жүрсө, он чакты киши кезигип калды* (Калык).

АЙТТАТ айтта этишинин аркылуу мамилеси.

АЙТТАШ айтта этишинин кош мамилеси.

АЙТТОО айтта этишинин кыймыл атоочу.

АЙТТЫР айт этишинин аркылуу мамилеси.

АЙТУУ айт II этишинин кыймыл атоочу.

АЙТЫЛУУ *сын.* Даңктуу, атактуу, ардактуу; белгилүү, көпкө маалым. *Берекеси төгүлгөн айтылуу кыргыздын коңур күзү* (Сыдыкбеков). *Айтылуу Током келди деп Аял, эркек тыңдасын* (Токтогул).

АЙТЫМ *зат.* Айтылган сөз, бирөөнүн айтканы. *Ар кимдин айтымына карганда аны өлтүргөн кулактар болуу керек* (Байтемиров).

АЙТЫМДУУ *сын.* Айтып жүрөрлүк, айтканга, айта жүргөнгө ылайыктуу, угумдуу, жагымдуу. *Айтымдуу сөзгө канасың, Алыстан келген баласың* (Токтогул).

АЙТЫШ I *зат.* 1. Пикир талашып белгилүү бир теманын айланасында болуучу, сөз жүзүндөгү талаш-тартыш; диспут; дискуссия.

2. Ырчылардын бири-бири менен ырдашып сөз жарыштырышы, көпчүлүк алдында алым сабак айтып, бирин-бири сынап ырдашкан ыры; сөз жарышы. *Айтыш жарты саатгай созулду* (Элебаев).

АЙТЫШ II *этиш.* 1. Бири-бирине ой-

пикирин билдирүү; өз ара бири-бирине сүйлөп берүү. *Айтышып өткөн-кеткен иштин жайын* (Токобаев).

2. Сөз кайтарышуу, каяша сөз айтуу, биринин пикирине толук макул болбогон сыяктуу өз пикирин, өз жообун айтуу; кер-мур сүйлөшүп калуу. *Анчалык сөздү узартпай, Айтышпай, Бермет, кел мында!* («Сариҥжи — Бөкөй»). *Жигит да кабагын түйүп, албуттанып айтыша кетти* (Сасыкбаев). *Айтышып калган жериңден, Акылың болсо качпагын* (Токтогул).

3. Ырчылар бири-бири менен алым сабак иретинде ырдашуу, сөз жарыштыруу. *Жыйырма беш жылдык чоң тойдо Айтыштык эле акындар* (Осмонкул).

АЙТЫШТАР **айтыш** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙТЫШУУ **айтыш** этишинин кыймыл атоочу.

АЙЧА *туурасы*: **найча.**

АЙЧЫК *зат.* Жарым ай формасындагы сайма, оймо-чийме. *Айчыгы алтын туу.*

АЙЧЫКТА *этиш.* Бир нерсенин бетине жарым ай формасында оймо-чийме түшүрүү, саймалоо.

АЙЧЫКТАТ **айчыкта** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЧЫКТОО **айчыкта** этишинин кыймыл атоочу.

АЙЧЫКТУУ *сын.* 1. Жарым ай формасындагы оймо-чийме менен кооздолгон. *Асаба желек калкылдап, Айчыктуу туулар жаркылдап* («Манас»).

2. Маңдайында жарым ай сыяктуу кашкасы бар (жылкы жөнүндө). *Айчыктуу күлүк кызыл ат Айда аркандап минесиң* (Үсөнбаев).

АЙЧЫЛЫК *сын.* Бир айлык убакыт, узак убакыт. *Айчылык жерге талбаган Күлүктү кыргыз топтоду* (Бөкөнбаев). *Алты айчылык жолдорго Алты саатта барышып* (Осмонкул)!

АЙЫГУУ **айык** этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫГЫШ *этиш.* Аябай эрегишүү, өчөшүү, өчөгүшүү, кырчылдашуу. *Ай-жылдап, айыгышып кармашууга Аябайм, айлым, сенден бардык күчүм* (Маликов). *Кабыл да кашайып айыгышып алды* (Элебаев).

АЙЫГЫШТЫР **айыгыш** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЫГЫШУУ **айыгыш** этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫЗ *зат.* Этек кири; менструация.

АЙЫК *этиш.* Сакаюу, оорусунан арылуу, оорусунан оңолуу. *Ооруганды сурасаң, айыкканга тете* (макал).

АЙЫКТЫР **айык** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЫЛ I *зат.* 1. Чогуу оокат-тиричилик өткөрүп, бирге конуп, бирге көчүп жүргөн, көбүнчө уруусуна, тууган-туушкандыгына карай топтолушкан бир топ үй, бир жерге чогуу үй тигип отурган же орунтук алып жайгашкан анчалык көп эмес эл орношкон пункт. *Кызыл-Суунун өйүз -бүйүзү кырка конгон айыл* (Жантөшев).

2. *сүйл.* Кичирээк кыштак, чакан эл орношкон жер. *Колхоздун айлы мемиреп, Күн нуру көктөн төгүлгөн* (Бөкөнбаев). *Мына, өзүбүздүн колхозго да келип калдык, биздин айыл — биздин колхоз* (Сыдыкбеков).

◆ **Айыл-апа** — айыл ичи, айылдаш кишилер, тегерегинде жашагандар. *Айыл-апа коңшусун Аппак майга жыргаткан* (Тоголок Молдо). **Айыл чарба** — дыйканчылык, мал багуу сыяктуу чарба иштерин өз кучагына алган эл чарбасынын негизги бир тармагы.

АЙЫЛ II *зат. диал.* Басмайыл.

АЙЫЛДА *этиш.* Айылчылоо, мейман болуп келүү, экинчи бир айылга же үйгө мейман болуп баруу. *Аралап элден кыз издеп, Келип калдык айылдап* («Олжобай менен Кишимжан»).

АЙЫЛДАШ *сын.* Бир айылдык, айылы бир. *Алымкулду тырмактайынан бери билген өзүнүн айылдаш курбулары да ага айран-таң калышты* (Абдукаримов).

АЙЫЛДЫК *сын.* 1. Айылга, кыштакка таандык. *Абдылда менен Ракыя ушул кыштактагы айылдык мектепте бирге окушкан* (Байтемиров).

2. Айылда жашаган; бир айылдан. *Айылдык жигит. Биздин айылдык киши.*

АЙЫЛЧЫ *сын.* Үй кыдырууну, айыл кыдырууну жакшы көрүүчү. *Апаң маркум айылчы эле, Кете берүүчү сени таштап алып* (Шүкүрбеков).

АЙЫЛЧЫЛА *этиш.* Мейман катарында башка айылга, башка үйгө баруу, айыл кыдыруу. *Сулай эне мындан үч күн мурун алыс бир колхоздо туруган иниларининкине айылчылап кеткен* (Таштемиров).

АЙЫЛЧЫЛАТ **айылчыла** этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЫЛЧЫЛОО **айылчыла** этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫМ *зат.* 1. Зайып, жар, аял. *Баатырыңды кул кылам! Аймыңды тул кылам* («Семетей»). *Калматай баатыр зайыбы, Мырза Жаңыл айымы* (Тоголок Молдо).

2. Аялдарга сылык түрдө кайрылууда айтылат. *Кадыры бар калкына, Бул кайсы элдин айымы?* (Жантөшев).

АЙЫҢ *зат.* Ушак сөз, имиш-имиш. *Бул айың өрдөштөгүлөрдүн көбүнө угулат* (Сыдыкбеков).

АЙЫП *зат.* 1. Күнөө, жазык, кылмыш. *Аз айып, көп күнөөм болсо кечир* (Жантөшев). *Айыбы чыккан жигиттин узун бою пас болот* (макал). *Кемчиликти бетке айткандын айбы жок* (макал).

2. Кемчилик, каталык. *Ырдашында айып жок, Калыпка тартып койгондой* (Барпы).

3. Жаза иретинде кесилген мал, дүнүйө, доо; күнөөлүү деп таап, берилүүчү жаза. *Ал жолу адилетсиз бий «бекке тил тийгизди» деп мага тогуз айып ойлоду* (Жантөшев).

◆ **Айып этпеңиз** *же* **айып көрбөңүз** — **«кечириңиз», «жаман көрбөңүз»** деген мааниде кечирим суроо, сылыктык иретинде колдонулат.

АЙЫПКЕР *зат.* Күнөөкөр, кылмышкер, айыптуу болгон адам. *Эң биринчи айыпкерлер ичинен, Каршылашпай чынын айтты Бекберди* (Аалы). *Айыпкердин көзү алачакмактап, үнү буулугуп баштады* (Бейшеналиев).

АЙЫПКЕРДИК *зат.* Кылмышкердик, күнөөкөрдүк, айыбы бардык.

АЙЫПСЫЗ *сын.* 1. Күнөөсүз, жазыксыз, кылмышсыз. *Айыпсыз кармап сот кылып, Айдаганда кербезим* (Токтогул).

2. Кемчиликсиз, кемчилиги жок, кемчилик кетирбеген. *Айыпсыз киши болбойт* (макал).

АЙЫПСЫЗДЫК *зат.* Күнөөсүздүк, жазыксыздык, кылмышсыздык.

АЙЫПТА *этиш.* 1. Күнөөлөө, айып коюу. [*Каныбек*].. *өзүн өзү айыптайт* (Жантөшев). *Карабек акырында аялынын өзүн айыптай баштады* (Каимов).

2. Айыпка жыгуу, айып тарттыруу (3-маанисинде). *Боромбайдын Сарысын Күндө жейсиң айыптап* (Токтогул). *Күндө жейсиң айыптап Бүтүн журттун баарысын* (Токтогул).

АЙЫПТАЛ айыпта этишинин туюк мамилеси.

АЙЫПТАЛУУЧУ *зат.* Күнөөленүүчү, айыпкер, күнөө коюлуп жаткан киши.

АЙЫПТАТ айыпта этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЫПТАШ айыпта этишинин кош мамилеси.

АЙЫПТОО айыпта этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫПТООЧУ *зат.* 1. Күнөөлөөчү, күнөөгө тартуучу.

2. Сот органдарында соттолуучу кишинин күнөөлүү экендигин далилдеп сүйлөөчү киши.

АЙЫПТУУ *сын.* 1. Күнөөлүү, кылмыштуу, күнөөсү бар, кылмышкер.

2. Жооптуу, кемчилик кетирип, каталык жиберген. *Бул үчүн баарыбыз айыптуубуз* (Сыдыкбеков).

АЙЫР *этиш.* 1. Бир бүтүндөн бөлүп жыртып алуу, тытуу. *Айрып, жыртып бир канча Дептерди да бүтүрдү* (Тоголок Молдо).

2. Бирге койбой бөлүү, ажыратуу. *Өксүтүп мени боздоткон, Өз теңимден айырган* (Үсөнбаев).

3. Куткарып калуу. *Аман айрып Айдарды Ажалдан сактап калганы* («Манас»).

4. Жаруу (мис., катуу нерсеге уруп алып). *Башын айрып алды.*

◆ **Көз айырбоо** — көзүн албай тиктөө, тигиле кароо, көпкө чейин кароо.

АЙЫРБАШ *зат.* Бир нерсени экинчи нерсе менен алмаштыргандык. *Айырбаш болгон койлор.*

АЙЫРБАШТА *этиш.* Бир нерсени экинчи нерсеге алмаштыруу. *Кийим-кечелерди этке айырбаштап ала берчү* («Советтик Кыргызстан»). *Алар* [*капиталисттер*] *адамгерчилик ынсаптарын алтынга, долларга айырбаштап жиберишкен* (Сыдыкбеков).

АЙЫРБАШТАЛ айырбашта этишинин туюк мамилеси.

АЙЫРБАШТАТ айырбашта этишинин аркылуу мамилеси.

АЙЫРБАШТАШ айырбашта этишинин кош мамилеси.

АЙЫРБАШТОО айырбашта этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫРМА *зат.* Бир нерсе менен экинчи нерсенин ортосундагы өзгөчөлүк, айрып, ажыратып кароого мүмкүн болгон белги. *Адам менен айбандын Айырмасы сөзүндө* (Шүкүрбеков). *Жолой үчүн күн менен түндүн айырмасы аз* (Жантөшев).

АЙЫРМАЛА *этиш.* Айырмасын белгилөө, айырмасын көрсөтүү, билдирүү. *Артыкчылыгын айрым белгилери айырмалап турат.*

АЙЫРМАЛАН айырмала этишинин өздүк мамилеси.

АЙЫРМАЛОО айырмала этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫРМАЛУУ *сын.* Айырмасы бар, кандайдыр бир өзгөчөлүгү бар. *Өңү айырмалуу.*

АЙЫРМАСЫЗ *сын.* Айырмасы жок, өзгөчөлүгү жок, бирдей. *Түсү айырмасыз.*

АЙЫРМАЧ *зат.* 1. Жаш балдардын ээри. *Айырмач токуп, тай мингизген* (Сыдыкбеков).

2. Тамдын чатырына жабуу үчүн кайчылаштырып орнотулган жыгачтар.

АЙЫРМАЧТА *этиш.* Айырмач кылып коюу, жыгачты кайчылаштыра коюу. *Айырмачтап коюлган жыгач.*

АЙЫРМАЧТОО айырмачта этишинин кыймыл атоочу.

АЙЫРМАЧТУУ *сын.* Айырмач токулган. *Короонун тегерегинде калмакча байлаштырган эркектин аттары, айырмачтуу балдардын тайлары* (Жантөшев).

АЙЫРМАЧЫЛЫК айырма менен бирдей.

АК I *сын.* 1. Кардын, сүттүн түсүндөй түс. *Ак булут. Ак кагаз.*

2. Таза, чын пейилдүү, жамандыгы же жаман ниети жок, арамзалыгы жок. *Ак эмгек. Пейли ак.*

3. Күнөөсүз, жазыксыз. *Айланган тоонун бүркүтү Ак жерден торго чалындым* (Токтогул).

4. Контрреволюциячыл, совет бийлигине каршы аракет кылуучу же совет бийлигине каршы багытталган. *Ак армия. Ак гвардиячы. Актар.*

5. Шахмат, дойбу ойнундагы кара түстөгү фигуралардын каршысында ойнолуучу фигуралар. *Ак менен ойноо. Ак король.*

6. Айран-сүттүн жалпы аты. *Жаз чыгып, ак көбөйдү.*

7. Көздүн карегин каптап калган чел. *Көзүн ак басты. Көзүнө ак түштү.*

◆ **Ак жаан** — узакка созулуп майдалап жааган жамгыр. **Ак жай** — жайдын толук кези. **Ак жүрөк** — чынчыл, адилет, арамдыкка барбаган. **Ак жолтой** — жолдуу, жолу ачык, ойлогону орундалуучу. **Ак сакал** — аксакал менен бирдей. **Ак**

төөнүн карды жарылуу *к.* **төө. Ак кол** — бекер жүрүүнү жакшы көргөн, эмгекти сүйбөгөн, иштебеген, оор ишке кол тийгизбеген адамдар жөнүндө. **Ак чөп башымда** *к.* **чөп. Ак сөөк** *к.* **сөөк. Көздүн агы** — көздүн карегинин айланасындагы тунук ак бөлүгү. **Жумуртканын агы** — жумуртканын сарысын курчап турган тунук бөлүгү. **Ак күп болуу** — майда үлпүлдөгөн мамык жүн менен капталуу (көбүнчө балапандар жөнүндө). *Ак күп болгон балапаны чыйпылдап энесинин оозунан жем талашат* («Советтик Кыргызстан»). **Акты-карасы ачылуу** — ким күнөөлүү, ким күнөөсүз экени билинүү, чындыгына жетүү. **Көздүн агы менен тегеренүү (айлануу)** — бирөөнүн эркинен чыкпай эпилдеп-жепилдеп туруу.

АК II *сын.* 1. Чыныгы, таза, адал, акыйкат, туура. *Ак мал. Ак сүйлөдү.*

2. Дубаналар айтуучу сөз. *Ак уруу.*

3. Кудай. *Кудайдын бир аты — ак* (макал).

АК III. Ак эткенде так этүү *к.* **так V.**

АК IV *этиш.* 1. Белгилүү бир өзөн, арык, нук боюнча бир багытка бет алып өз агымында жылуу (мис., суу жөнүндө). *Жанында жайпап аккан Түптүн суусу* (Маликов). *Ийрилип аккан чоң өзөн Ийнеде учук жипке окшойт* (Бөкөнбаев).

2. Суу, суюктук, тер ж. б. сызыла көп чыгуу, куюлуу, шорголоо, жылжуу. *Чаканын түбүнөн суу агып калыптыр. Тер акты. Кан акты.*

3. *өт.* Жапырт, көп болуп үзгүлтүксүз агыла жүрүү, өтүү. *Машиналар тынымсыз агып өтүп турат.*

АКААРАТ *туурасы:* **акарат.**

АКАДЕМИК *зат.* 1. Илимдер академиясынын аныкмүчөсү.

2. Белгилүү бир академияга шайланган окумуштуунун, художниктин, скульптордун ж. б. наамы.

АКАДЕМИЯ *зат.* 1. Милдети илимди жана искусствону өнүктүрүү болуп саналган мамлекеттик жогорку илимий мекемелердин наамы. *СССР Илимдер академиясы. Кыргыз ССР Илимдер академиясы.*

2. Кээ бир жогорку окуу жайларынын аты. *Айыл чарба академиясы. Аскердик-медициналык академия.*

АКАДЕМИЯЛЫК *сын.* 1. Академияга таандык. *Академиялык устав.*

2. Окуу жагына тиешелүү. *Академиялык саат. Академиялык жыл.*

3. *өт.* Практикалык мааниси жок, жалаң гана теориялык. *Академиялык талаш-тартыш. Академиялык мүнөздөгү маселе.*

◆ **Академиялык театр** — үлгүлүү мамлекеттик театрларга берилген ардактуу наам.

АКАК *зат.* 1. Янтарь.

2. Көбүнчө кооздоо, жасалгалоо үчүн колдонулуучу ар түрдүү түстөгү тунук таш. [*Кыздар*].. *акырекке тагылган акак, сөдеп, мончокторун жылтылдатышып, беш көкүлүн сылашат* (Сыдыкбеков).

АКАКТА I *этиш.* 1. Ысыкка чыдай албай тилин сунуп, оозу менен тез-тез дем алуу. [*Ит*] *тилин салып акактап Көлөкө жерди качырат* (Тоголок Молдо).

2. Абдан суусоо, чаңкоо. *Акактап кеттим. Жүргүлөчү,* [*суусун*] *жутуп алалы!* (Бейшеналиев).

АКАКТА II *этиш.* Акак коюу, акак орнотуу. *Акактаган комуз.*

АКАКТАЙ *сын.* Мөлтүрөгөн, тунук. *Көк шибердүү колотчонун ортосунан акактай тунук суу агат* (Абдумомунов).

АКАКТАТ акакта этишинин аркылуу мамилеси.

АКАКТОО акакта этишинин кыймыл атоочу.

АКАЛАКТА *этиш.* Шашкалактап аптыгуу, шар сүйлөй албай аптыгуу. *Сөздөрүн толук айта албай, акалактай баштады* («Советтик Кыргызстан»).

АКАЛАКТАТ акалакта этишинин аркылуу мамилеси.

АКАЛАКТОО акалакта этишинин кыймыл атоочу.

АКАР: акар-чакар *сын.* Үйлүү-жайлуу, бала-чакалуу. *Өз тукуму акар-чакар көп айыл болуп өсүшүн көрүү Мырзакандын тилеги* (Сыдыкбеков).

АКАРАТ: акарат кылуу — катуу сөз айтуу, **тил тийгизүү.** *Акарат кылып бирөөнү Сөкпөгүлө, балдар ай* (Барпы). [*Чоро*] *баланын атасы жөнүндө акарат кылып, Көкөнү күйдүрө баштады* (Жантөшев).

АКАЦИЯ *зат.* Ак гүлдүү жыттуу катуу жыгач.

АКБАШ *зат.* Жылкынын бутуна чыгуучу жара.

АКВАРЕЛЬ *зат.* 1. Сууга эзме боёк. *Акварель менен сүрөт тартуу.*

2. Сууга эзме ушундай боёк менен тартылган сүрөт, картина.

АКВАРИУМ *зат.* Суу жаныбарларын же өсүмдүктөрүн өстүрүү үчүн жасалган жасалма көлмө же ичине суу куюлган айнек идиш.

АКЕ *зат.* 1. *диал.* Ата.

2. *диал.* Ага, аба, байке. *Жатындаш акем боорум деп, Жакшы ызат менен көмбөйбү?* («Сариндж — Бөкөй»).

3. Өзүнөн улуу эркек кишини кадырлоо, урматтоо иретинде айтылат. *Дмитрий аке да.. сакалын экчеп күрдөлдүү эмгекти кубаттайт* (Сыдыкбеков).

4. Келиндердин кайнагаларына карата тергөө иретинде айтуучу сөзү. *Акемдер жүрөт,* [*болбосо*] *төө басты кылып мойнунан ылдый топурак куйсак болот эле* (Сыдыкбеков). *Узун акенин тентек карасы сени көп карайт* (Сыдыкбеков).

АКЕТАЙ *зат.* Жалынуу, эркелетүү маанисинде айтылган сөз. *Коё кой, акетайым, Ыйлаба!* (Сыдыкбеков).

АКЖУУМАЛ *сын.* Агышынан келген, акча жүздүү (өңгө карата). *Тизе тийиштирип отурган акжуумал Зарыл* (Сыдыкбеков).

АКИ I *зат. сүйл.* Акиташ. *Акиге болсо, сторожду жибердим* (Бейшеналиев).

АКИ II: аки-чүкү — майда-чүйда, майда-барат. *Гүлайым болсо, жаш. Турмуштун аки-чүкүсүн билбейт* (Абдукаримов).

Б аягыда иштин аки-чүкүсүнө түшүнбөй апаң бир топ кайгы тартпадыбы! (Жантөшев).

АКИДЕЙ: акидей асылуу — артынан калбай жабышуу, соңунан калбоо. [*Журтбек*].. *мурунку акидей асылган аракетин танып, амалданып жооткотуу жолун издеди* (Бейшеналиев).

АКИМ *зат. тар.* Башкаруучу, бийлөөчү. *Айбыкпастан шер тургандай жанымда Акимдерди шылдың кылып күлчү элем* (Үмөталиев).

АКИМДИК *зат.* Башкаруучулук, бийлөөчүлүк.

АКИМСИН *этиш.* Өзү аким экендигин көрсөтүүгө аракет кылуу; өзүн аким катарында көрсөтүүгө умтулуу.

АКИМСИНҮҮ акимсин этишинин кыймыл атоочу.

АКИМЧИЛИК акимдик менен бирдей.

АКИТАШ *зат.* Катуу тоо тектеринен бышырып алынган, көбүнчө үйлөрдү актоо үчүн колдонулуучу ак зат. *Ак үй салган адамга Акиташ менен бор кызык* (Осмонкул).

АККОРДЕОН *зат.* Клавишалары бар кыяк тибиндеги музыкалык инструмент.

АККРЕДИТИВ *зат. фин.* Бир кредиттик мекеменин (банканын, сактык кассанын) башка бир кредиттик мекемелерге белгилүү суммадагы акчаны төлөп берүүсүн милдеттендирген документ.

АККУМУЛЯТОР *зат. тех.* Кийин пайдалануу максатында энергияны чогултуп, топтоочу курал.

АККУМУЛЯТОРДУК *сын.* Аккумуляторго таандык. *Аккумулятордук батарея.*

АКМ *сын.* Агып туруучу, токтоп калбаган.

◆ **Акма кулак** — унутчаак, айтылган сөздү унутуп калуучу (адам жөнүндө).

АКМАК *сын.* 1. Акылсыз, акылы жок, кем акыл. *Бир акмак атасы өлгөндө көбөт, бир акмак катын алганда көбөт* (макал). *Акмактын көркү жемеде* (Токтогул).

2. Тилдегенде, жемелегенде колдонулуучу сөз. *— Ай, акмак! — деп, Адылдын Ачуусу келди зирилдеп* («Мендирман»). *Ар кайсыга бир тийип, Акмак, жогол, дедирбе* (Осмонкул).

◆ **Акмак кылуу** — жаман абалда калтыруу, шылдың кылуу.

АКМАКТАН *этиш.* Акмактык мамиле кылуу, эси жоктук иш кылуу, жөнү жок тантыраган сөздөрдү айтуу.

АКМАКТАНУУ акмактан этишинин кыймыл атоочу.

АКМАКТЫК *зат.* Акылсыздык, акылы жоктук, келесоолук. *Акмактык кылып Телибай, Агаларын жүдөттү* (Тоголок Молдо).

АКМАКЧЫЛЫК акмактык менен бирдей.

АКМАЛА *этиш.* Сыртынан байкап көзөмөлдөө, агылгалап көрүнбөй, жашынып аңдуу, көз салуу.

АКМАЛАТ акмала этишинин аркылуу мамилеси.

АКМАЛОО акмала этишинин кыймыл атоочу.

АКРЕТ *туурасы*: **акырет.**

АКРОБАТ *зат.* Чебер гимнаст; циктеги татаал гимнастикалык номерлерди аткаруучу.

АКРОБАТИКА *зат.* Гимнастиканын жана цирк искусствосунун бир түрү.

АКСА *этиш.* 1. Сылтуу, сылтып басуу, төкүрөндөп басуу, кадимкидей баса албай калуу. *Ал болор-болбос аксап басан* («Советтик Кыргызстан»). *Эки бутум тең шишип, Аксап жаткан убагым* (Токтогул).

2. *өт.* Иш, жумуш начарлоо, иштин жүрүшүндө жетишсиздиктер, кемчиликтер болуу. *Өндүрүш аксаса уяты кимге?* (Сыдыкбеков). *Яровой жалгыз болсо деле иш аксабайт* (Байтемиров).

АКСАЙ апсай менен бирдей.

АКСАК *сын.* Чолок, төкөр, сылтыма. *Аксактын алгына, оорунун тамырына кара* (макал). *Чыгым кылбай аксак козу, Эчен жыл аман алып келген болчу* (Борбугулов).

АКСАКАЛ *зат.* 1. *тар.* Айыл башкаруучусу, айылдагы ар кандай иштерди, ички мамилелерди жөнгө салып, башкарып, тескеп, кеңеш берип туруучу көбүнчө кары адам; патриарх. *Кудайназар как башты Аксакал кылып алганбыз* («Эр Табылды»). *Тартынбаган эр болсо, Алтыбайды ардактап, Аксакал кылып көёлук* («Эр Табылды»).

2. Кары адам, жашап калган сакалдуу адам; башкаларга караганда улуу адам. *Аксакалдын бул күүсүнүн аты эмне?* (Аалы). *Аксакал дебей, жаш дебей, Алдыга койгон ураан бар* (Тоголок Молдо).

3. *сүйл.* Кызматы жагынан жогору турган адамдарга карата же жалпы эле урматтап, кадырлоо иретинде айтылуучу сөз. *Драмтеатрдын аксакалы, Артисттер Ашыке дешет аны* (Шүкүрбеков).

АКСАҢДА *этиш.* Аксай басуу. *Жапар балдагына таянып, аксаңдай басып, он сегизинчи палатага барып кирди* (Баялинов).

АКСАҢДАТ аксаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АКСАҢДОО аксаңда этишинин кыймыл атоочу.

АКСАРБАШЫЛ *зат. дин.* Түлөөгө союлуучу кой, жандык. *Аксарбашыл айткамын, Азыр барып чалабыз!* (Жантөшев).

АКСИОМА *зат.* Далилдөөнү талап кылбаган жол-жобо, эреже, чындык.

АКСОО акса этишинин кыймыл атоочу.

АКСЫМ *сын.* Албуут, ажаан, кыялы чатак. *Армандуу эрдин бактына Аксым катын жолугат* (Тоголок Молдо). *Анчамынча аксым сөз Оозунан чыгып кетти дейт* («Семетей»).

АКСЫМДАН *этиш.* Аксымдык кылуу, аксымдык мүнөз көрсөтүү.

АКСЫМДАНУУ аксымдан этишинин кыймыл атоочу.

АКСЫМДЫК *зат.* Албууттук, ажаандык, кырс кыял. *Аксымдыгым карматып, Айрылып калдым чоромдон* («Семетей»).

Аксымдык кылып Чынкожо Адамдын баркын кетирдик («Семетей»).

АКСЫН *этиш.* Өзүн ак, таза көрсөтүүгө аракет кылуу, актанууга тырышуу, өзүн күнөөсүз катарында көрсөтүмүш болуу.

АКСЫНУУ аксын этишинин кыймыл атоочу.

АКТ *зат.* 1. Бир нерсени күбөлөндүрүүчү документ. *Акт түзүү. Айыптоо актысы. Граждандык ал-абалдын актылары.*

2. Аракет, окуя. *Зор саясий маанилүү акт.*

3. *театр.* Көшөгө (пьесанын эки антракт ортосундагы бөлүгү).

АКТА I *зат.* Бычылган жылкы, ат.

АКТА II *зат.* Аттын жонунан көтөрүлүп турган ээрдин көндөйү.

АКТА III *этиш.* 1. Акиташ менен агартуу. *Үйдүн ичи-тышын актап, үй ичин таза күтүшөт* (Сыдыкбеков).

2. Дан эгиндеринин кабыгын кетирүү. *Актап койгон күрүч. Актаган таруу.*

АКТА IV *этиш.* 1. Ишенимине жетүү, үмүттү орундоо. *Түйшүгүн тартып бек Аккан Досчулугун актады* («Курманбек»).

2. Күнөөсүү, айыбы жок экенин далилдөө, күнөөсүү жок деп эсептөө. *Бардыны актай сүйлөгөн* (Сыдыкбеков).

АКТАЙ *сын.* Жазылбаган, ак бойдон калган. *Кат жазылган кагазбыч аяк жагындагы актай калган ачык жерине төмөнкү сөздөрдү жазып коюп, анан ордунан турду* (Убукеев).

АКТАЛ акта этиштеринин туюк мамилеси.

АКТАН *этиш.* Өзүн өзү күнөөсүзмүн деп көрсөтүүгө аракеттенүү. *Актанып сүйлөө.*

АКТАНУУ актан этишинин кыймыл атоочу.

АКТАШ акта этиштеринин кош мамилеси.

АКТЁР *зат.* Театр оюнунда рөль аткаруучу киши. *Комедиялык актёр. Трагедиялык актёр.*

АКТЁРЛУК *сын.* Актёрго таандык. *Актёрлук чебердиги менен жандуу элестер түзүп кетти* («Советтик Кыргызстан»).

АКТИВ I *зат.* Кандайдыр бир уюмдун, коллективдин ишмер, демилгелүү, ишке жан-дили менен берилген мүчөсү, алдыңкы тобу. *Партиялык актив. Комсомолдук актив. Профсоюздук актив.*

2. *сүйл.* Мамлекеттик мекеменин же коомдук уюмдун кызматкери. *Төр ага Адыл заседаниесин өткөрүп, ага колхоздун активдери бүт чакырылды* (Сыдыкбеков). *Активдер менен кер-мур айтышуу Белекке жат иш* (Жантөшев).

АКТИВ II *зат. бухг.* Ишкананын материалдык баалуу заттары жана аласа мүлктөрү; пассивдин карама-каршысы.

АКТИВДЕШ *этиш.* Активдүү болуу.

АКТИВДЕШТИР *этиш.* Активдүүлүктү, демилгелүүлүктү күчөтүү, ишти активдүү түрдө жүргүзүү.

АКТИВДЕШТИРҮҮ активдештир этишинин кыймыл атоочу.

АКТИВДЕШҮҮ активдеш этишинин кыймыл атоочу.

АКТИВДҮҮ I *сын.* Иштиктүү, демилгелүү. *Советтер Союзу тынчтык ишин активдүү коргоп жатат* («Коммунист»).

АКТИВДҮҮ II активге таандык. *Активдүү операция. Активдүү мүлк.*

АКТИВДҮҮЛҮК *зат.* Иштиктүүлүк, демилгелүүлүк. *Эмгекчилердин саясий активдүүлүгү. Массалардын чыгармачылык активдүүлүгү. Эмгектеги активдүүлүк.*

АКТОО акта этиштеринин кыймыл атоочу.

АКТООЧУ *зат. сүйл. эс.* Адвокат.

АКТРИСА *зат.* Театр оюнунда белгилүү бир ролду аткаруучу артист аял.

АКТУАЛДУУ *сын.* Азыркы убакыт үчүн абдан маанилүү, азыркы мезгилдин эң маанилүү талаптарына ылайык келүүчү, жооп берүүчү. *Актуалдуу маселе. Актуалдуу тема.*

АКТУАЛДУУЛУК *зат.* Актуалдуу мааниси бардык. *Маселенин актуалдуулугу.*

АКТЫК I *зат.* Ак түстөгү сапат, ак түстө экендик.

АКТЫК II *зат.* Күнөөсүздүк, тазалык, чындык. *Дыйканбайга кыянат айтып ырдаганың күнөө эмес бекен? — Ал күнөө эмес, актык иш* (Бөкөнбаев) *Кагылайын туугандар, Менин актыгымды ойлоп бак!* (Тоголок Молдо).

АКТЫРГА *зат.* Ээрдин киши отуруучу бөлүгүнүн эки жак капталы.

АКУЛА *зат.* Деңизде жашоочу жырткыч чоң балык.

АКУСТИКА *зат.* 1. Тыбыштарды текшерүүчү, үн кубулуштарын үйрөнүп-билүүчү физиканын бир бөлүмү.

2. Кандайдыр бир үйдүн ичинде үндүн угулуш шарттары.

АКУШЁР *зат.* Аялга анын боюнда бар кезинде, төрөт убагында жана төрөгөндөн кийинки мезгилде жардам көрсөтүүчү врач.

АКУШЕРКА *зат.* Аял төрөгөн кезде ага жардам кылуучу медициналык орто билими бар кызматкер аял.

АКЦЕНТ *зат.* 1. Сөздөгү басым.

2. *полигр.* Басымды билдирүү үчүн тамганын үстүнө коюлуучу белги.

3. Эне тили болбогон тилде сүйлөгөн учурдагы тыбыштардын айтылышындагы айырмалуу өзгөчөлүк, сүйлөмдө белгилүү бир тилге же диалектиге таандык болгон өзгөчөлүк. *Өзбекче ырдаганын укkан эмесмин, — деди Салтанат да курбусун кубаттап, өзбекче таза акцент менен* («Ала-Тоо»).

АКЦИОНЕР *зат.* Акциянын (I) ээси, акционердик ишкананын катышуучусу.

АКЦИОНЕРДИК *сын.* Акцияга (II) таандык, акцияга негизделген. *Акционердик коом. Акционердик компания.*

АКЦИЯ I *зат.* Капиталисттик ишканага белгилүү бир жарнак пайын төлөп тургандыгын күбөлөөчү жана ушул ишкананын иштерине катышып, чыккан пайдага ортоктош болуу укугун берүүчү баалуу кагаз.

АКЦИЯ II *зат. саяс.* Кандайдыр мак-

сатка жетүү үчүн иштелген аракет. *Дипломаттык акция.*

АКЧА I *зат.* Сатып алууда жана сатууда нарктын өлчөмү катары жүрүүчү металл же кагаз белги. *Кагаз акча. Күмүш акча. Жүз сом акчаң болгуча, жүз жолдошуң болсун* (макал).

АКЧА II *сын.* Агыш, акчыл (өң). *Акча бети нурданат, Ай асмандан тийгендей* (Жантөшев).

АКЧАЛАЙ *такт.* Акча түрүндө. [*Гүлсүн*] *мыкты иштегендиги үчүн 100 сом акчалай сыйлык алган* («Кыргызстан аялдары»).

АКЧАЛАТА акчалай менен бирдей.

АКЧАЛУУ *сын.* Акчасы бар, акчасы көп. *Акчалууга базар, акчасызга мазар* (макал).

АКЧЫ *зат.* Өз күнөөсүн же бирөөнүн күнөөсүн танып, жокко чыгарууну жакшы көргөн киши. *Мунун акчысын кантесиң.*

АКЧЫЛ *сын.* Агыш, агышынан келген. *Айдардын акчыл кызыл жүзү ого бетер нурданды* (Каимов). *Акчыл көк торко кийгендей, Таң агарып сөгүлдү* («Мендирман»).

АКЧЫЛАН *этиш.* Өз күнөөсүн танууга, жокко чыгарууга аракет кылуу, анткорлонуп өзүн таза, ак катарында көрсөтүүгө тырышуу. *— Мен жолдош Былыкбаевдин маалыматына карап ошондой сунуш киргиздим эле, — деп директор акчыланды* (Убукеев).

АКЧЫЛАНУУ акчылан этишинин кыймыл атоочу.

АКЧЫЛДОО *сын.* Агыраак, агышыраак келген. *Кирпиги акчылдоо, көзү жыртак сары киши* (Жантөшев).

АКШАК *зат.* Тартылган дандын элегенден кийинки кесеги; крупа. [*Сабира*] *алган нанын, майын, акшагын Клава энесине берип турду* (Сасыкбаев).

АКШАМ *зат.* 1. Күн батып, кеч кирген мезгил.

2. Күн батканда кийинки, кечки намаз наамы.

АКШЫЙ *этиш.* Жаман көзү менен, көзүнүн агын чыгара кароо. *Шарипке акшыя карап,.. чый-пыйы чыгып чамына баштады* (Бейшеналиев).

АКШЫЙТ акшый этишинин аркылуу мамилеси.

АКШЫҢДА *этиш.* Көзүнүн агын чыгара акырандап кароо. *Аттан түшпөй акшыңдап, Кудаке жүрөт элеңдеп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Акшыңдабай жакшы айдагын, Ала таштап жүрбөгүн!* (Бөкөнбаев).

АКШЫҢДАТ акшында этишинин аркылуу мамилеси.

АКШЫҢДОО акшында этишинин кыймыл атоочу.

АКШЫРАЙ *этиш.* Көзүн аңтарылтуу, көзүнүн төбөсү менен кароо. *Бир убакта баса калчудай акшырайып, мага карап калды* (Элебаев).

АКШЫРАЙТ акшырай этишинин аркылуу мамилеси.

АКШЫРАЮУ акшырай этишинин кыймыл атоочу.

АКШЫЮУ акшый этишинин кыймыл атоочу.

АКЫ *зат.* 1. Иштеген иши үчүн берилүүчү, кандайдыр бир нерседен пайдалангандыгы ж. б. үчүн төлөнүүчү акча же башка натуралдык төлөөлөр. *Биздин колхоз колхозчулардын эмгек акысын жалаң гана акчалай төлөөгө өттү* («Советтик Кыргызстан»). *Койчу болуп эки жылы Борбуга Жалгыз гана котур эчки акы алды* (Бөкөнбаев). *Акы төлөп окуу. Квартира акысы. Кирүү акысы. Мүчөлүк акы.*

2. Кандайдыр бир нерсеге укуктуулук. *Бул жолу Ашымдын акысы бар жазышка* (Сыдыкбеков). *Жогол, үйдү аңтартпайм-ын, акың жок* (Байтемиров).

◈ **Акысын жедирбөө** — кем калышпоо. **Жетим акы** — жетимге тиешелүү үлүш. **Таман акы** — көбүнчө мал кайтаргандыгы үчүн берилүүчү акы.

АКЫБЕТ *зат.* Сиңирген эмгек; иштин акыры, натыйжасы. *Акыбетим кайтарылып, балдарымдын алды үйлүү-жайлуу болушту* («Жаш ленинчи»). *Атамды жалган жалаа менен каматкан Карынбай табарсыгы буулуп өлдү.. Бирөөнүн убалынан коркпой жамандык кылуунун акыбети мына ушундай болот* (Абдукаримов).

АКЫЙ I акыйнек менен бирдей.

АКЫЙ II *этиш.* 1. Көзүн албай кароо; жалдырап кароо. *Акыйып карап отуруп, кантип эле уурдатып коёюн* (Байтемиров).

2. Күтө кароо, чыдамсыздана көпкө күтүү. *Чыны, чыт, чий баркут күтүп, акыйып отурат* («Чалкан»).

3. Көзүн алайта тиктөө, акыраюу. *«Ал эмне, айтчы?» — деп, Акыя карап чакчыйып Кулагын салып калды эле* («Эр Табылды»).

АКЫЙКАТ *зат.* Чындык, адилеттик. *Токтогул акыйкатты ырдаган акын болгон* (Бөкөнбаев). *Биздерге бүткүл элдер кылат кубат, Акыйкат жер жүзүндө жеңип чыгат* (Шамшиев).

АКЫЙКАТСЫЗ *сын.* Чындыкка негизделбеген, адилеттүүлүгү жок, адилетсиз. *Кайгырып жүрүп карыдым Акыйкатсыз замандан* (Токтогул).

АКЫЙКАТТА *этиш.* Чындыгына жетүү. *Акыйкаттап текшерсе, Алал киши акталат* (Осмонкул).

АКЫЙКАТТАЛ акыйкатта этишинин түюк мамилеси.

АКЫЙКАТТОО акыйкатта этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЙКАТТУУ *сын.* Чынчыл, адилет, чындыкка негизделген.

АКЫЙКАТТЫК *зат.* Чынчылдык, адилеттик.

АКЫЙКАТЧЫЛ *сын.* Чынчыл, адилет чил. *Менин элим — Акыйкатчыл пролетарлар* (Аалы).

АКЫЙЛАШ *этиш.* 1. Секелек кыздар бири-бирин кордоп айтышуу.

2. *өт.* Талашып-тартышуу, бири-бири менен сөз талашып айтышуу. *Буфет жактан экөө айкыра сүйлөп, акыйлашып калды*

(«Чалкан»).

АКЫЙЛАШТЫР акыйлаш этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫЙЛАШУУ акыйлаш этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЙНЕК *зат.* Кыздардын биринбири кордоп ырдап айтышуусу. *Маңдайтескей эки тарапка бөлүнүшүп акыйнек айтышса да, Батийна эч кимден калышпас эле* (Сыдыкбеков).

АКЫЙТ акый этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫЛ *зат.* Адамдын ойлоо жөндөмдүүлүгү, аң-сезимдүү ойлой билүү, логикалык ой жүргүзө билүү жөндөмдүүлүгү, ой-пикир, эс. *Акыл — тозбогон тон, билим — түгөнбөгөн кен* (макал). *Акыл айга жеткизет, өнөр көккө жеткизет* (макал).

◆ **Акыл токтотуу** — ойлонуу, сабырдуулук менен ойлонуп иш кылуу.

АКЫЛАШ *этиш.* Акы талап кылуу, акысын талап кылып эсептешүү, өз ара эсептешүү. *Кулбаш Мырзабай менен акылашып жүргөн* (Абдукаримов).

АКЫЛАШТЫР акылаш этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫЛАШУУ акылаш этиштин кыймыл атоочу.

АКЫЛДА *этиш.* 1. Жүрөк катуу согуу, кан тамырлары катуу кагуу, лакылдоо. *Канчалык баатыр болсо да, Адылдан жүрөк акылдайт* (Жантөшев). *Акырек тамыр акылдап* («Мендирман»).

2. Бирнерсеге катуу умтулуу, өтө каалоо, самоо.

АКЫЛДАШ I *сын.* Бири-бири менен кеңештеш, сырдаш, пикирлеш. *Акылдаш жакын адамга Айткым келет сырымды* (Осмонкул). *Акылдашым кырк жигит, Айбатымсың баарың тең* («Курманбек»).

АКЫЛДАШ II *этиш.* Кеңешүү, пикир алышуу. *Каныбек өзүнүн оюн айтып, Кебек менен да акылдашты* (Жантөшев).

АКЫЛДАШУУ акылдаш этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЛДОО акылда этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЛДУУ *сын.* Акылы бар, эстүү. *Азамат эрдин багына Акылдуу болсун аялы* (Тоголок Молдо). *Акылдуу отко карайт, акылы жок казанга карайт* (макал).

АКЫЛДУУЛУК *зат.* Эстүүлүк, акылы бардык, акылдуу адамга таандык сапаттар. *Кызынын акылдуулугу менен сүйлөгөн сөзүнө Тоту жоо таба албады* (Жантөшев).

АКЫЛДУУСУН *этиш.* Өзүн акылдуу көрсөтүүгө аракет кылуу, акыл-эстүү катарында көрсөтүүгө тырышуу.

АКЫЛДУУСУНУУ акылдуусун этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЛМАН *зат.* Акылдуу адам, көптү билген, даанышман. *Уста — көптү көргөн акылман аксакал* («Эр Табылды»). *Алыскы ишти ойлогон Акылмандын бири экен* («Манас»).

АКЫЛМАНДЫК *зат.* Акылдуулук, көптү билген акыл-эстүүлүк, даанышмандык. *Партиянын акылмандык жетекчилиги астында жаңы жеңиштерге барабыз* («Мугалимдерге жардам»).

АКЫЛСЫЗ *сын.* 1. Акыл жөндөмдүүлүгү төмөнүрөөк, эстүү эмес; жөн билги эмес. *Акылсыз, арсыз дөдөйлөр Адамга сыпттан баа берер* (Элебаев). *Акылсызга бак консо, башын чулгуйт ойдолоп* (Осмонкул).

2. Тилдегенде, жемелегенде айтылуучу сөз. *Акылсыз, урган кырк жигит Ат алып келер болсочу* («Курманбек»). *Акылсыз, буга белек жиберип эмне кылат* («Ала-Тоо»).

АКЫЛСЫЗДЫК *зат.* Акылы жоктук, акылсыз адамга таандык сапаттар.

АКЫЛУУ *сын.* 1. Акы төлөнө турган. *Отурган үйдүн орду, малдын жайыты акылуу болду* (Элебаев).

2. Укуктуу, укугу бар. *Муну үгүп Темир да өзүнүн жанындагы сырды чечишке акылуу болду* (Сыдыкбеков).

АКЫЛЧЫ *зат.* Акыл айтуучу, кеңеш берүүчү, кеңешчи. *Акылчы болчу мен эмес, Акылга дыйкан уланга* (Маликов).

АКЫН *зат.* Ыр чыгаруучу; ыр түрүндөгү көркөм чыгармалардын автору; ыр чыгарып ырдоочу ырчы. *Калк акыны Токомду Каранғы тамга каматкан* (Барпы). *Эп келтирип ырдаса, Ырдын көркү акында* («Мендирман»). *Аалы Токомбаев — кыргыздын эл акыны.*

АКЫНДЫК *зат.* Акынга таандык, ыр чыгаруучулук сапаттар. *Акындыгың артылды, Ашта-тойдо топ жарып* (Токтогул). *Таралып СССРдей кең өлкөгө Жамбылдын акындыгы болгон маалым* (Тоголок Молдо).

АКЫНСЫ акынсын менен бирдей.

АКЫНСЫН *этиш.* Өзүн акын катарында көрсөтүүгө аракет кылуу.

АКЫНСЫНУУ акынсын этишинин кыймыл атоочу.

АКЫР I *зат.* Чөптүн, тоюттун чачылып тепсендиге калып короомжу болушунан сактоо максатында көбүнчө жылкылар үчүн ылайыкталып, эки чети бийиктелип тосулуп жасалган жай. *Жаркын акыра байланган аттарды аралап Жумакени карай басканда, ал айрысын таянып.. чөптү көздөй басып кетти* (Убукеев). *Тору менен көк бээ турган акырдын шакелин которду* (Сыдыкбеков).

АКЫР II *зат.* Аягы, соңу, бүткөн жери, акыры. *Жадабай үгүп тургун сөз акырын* (Үмөталиев). *Ойлоп көр кылган иштин акыр жагын* (Үмөталиев).

◆ **Акыр заман** — 1) диний түшүнүк боюнча: дүйнөдө жашоо тиричилиги токтолуу мезгили; 2) *өт.* кыйынчылык, кыйынкыстоо, оор абал. *Жүрөгү күйүп сөгүлүп, Акыр заман күн түшүп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Айгышкан душманга Акыр заман салуучу* (Тоголок Молдо).

АКЫР III *такт.* Аягында, түбү, акыры, акырында. — *А, кичине үкөктүн азыр сага кереги эмне... Акыр ал сеники болот* (Сыдыкбеков). *Ичимде кетти далай сыр Чечилер түйүн ал акыр* (Элебаев).

АКЫР IV *этиш.* Катуу кыйкыруу, бакыруу, айкыруу. *Акырган бойдон эр*

Манас Жөнөп жүрүп калганы («Манас»).

АКЫР V: акыр-чикир — эски-уску, ыпыр-сыпыр, таштанды. *Мастерскойду желдетүү, шыпыруу, акыр-чикир кесиндилерди төгүү* [*керек эле*] («Ала-Тоо»).

АКЫРАЙ *этиш.* Көзүн алайтып, жаман көзү менен кароо; жаман көрүп, ачуусу келип кароо. *Тейитбек акырая карап, кырк жигитке ачууланды* («Курманбек»).

АКЫРАЙТ акырай этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫРАҢДА *этиш.* Көзүн алайта карап ачуусу келгендигин, жаман көргөндүгүн сездирүү. *Мен эмне кылдым, ошончолук акыраңдагандай* (Байтемиров).

АКЫРАҢДАТ акыраңда этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫРАҢДОО акыраңда этишинин кыймыл атоочу.

АКЫРАЮУ акырай этишинин кыймыл атоочу.

АКЫРЕК *зат.* Төш менен далыны бириктирип туруучу туура сөөк жана ушул сөөк турган көкүрөк бөлүк. [*Сансыздын*] *көзүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев). *Эки көздөн аккан жаш Акырек ылдый куюлду* («Сейтек»).

АКЫРЕТ *зат.* Диний түшүнүк боюнча: адам өлгөндөн кийинки дүйнө, тиги дүйнө. *Баламды Бөкөй кордосоң, Акыретке барганда, Аталаш туган болсоң да, Көрбөймүн сенин бетиңди* («Сариньжи — Бөкөй»).

◆ **Акырет кетүү** *же* **акыретке жөнөө** — өлүү, өлүп калуу. *Кесел болуп нечен күн Акыретке жөнөдү* (Тоголок Молдо).

АКЫРЕТТИК *сын.* Тиги дүйнөлүк; түбөлүк. *Акыреттик курбум деп, Апуукенин саамайын Акырын кармап сылады* («Манас»). *Айныбаймын, кошумун Акыреттик теңиңе* («Олжобай менен Кишимжан»).

АКЫРЕТЧИЛ *сын.* Акымды, доомду, өчүмдү ж. б. акыретке барганда аламын деп айтуучу (көбүнчө алсыз, чачар кишилер жөнүндө). *Алы жетпеген акыретчил* (макал).

АКЫРКЫ *сын.* Соңку, аяккы, кийинки. *Жуманын акыркы күнү. Акыркы жылдарда.*

АКЫРЫ *такт.* Аягында, соңунда, акырында. *Акыры мөрөй биздики болду. Акыры бир күн алармын Керимбайдан өчүмдү* (Токтогул).

АКЫРЫН *такт.* Жай, катуу эмес; басыңкы. [*Керез*].. *акырын жылып барып Атайдын каптalына кынала отурду* (Бейшеналиев). — *Э, Сейит! — деп, акырын табыштады* (Сыдыкбеков).

АКЫРЫНДА I *такт.* Эң аягында, соңунда, акыр аягында, акыры. *Чын айтып — залал тап, акырында жетерсиң муратка, калп айтып — пайда тап, акырында каларсың уятка* (макал).

АКЫРЫНДА II *этиш.* Акырын жүрүү, жай боло баштоо; басаңчалоо. *Машина акырындаганда чоң жолдон бурулуп, тоого бет алдык* («Ленинчил жаш»).

АКЫРЫНДАП *такт.* Аз-аздан, дароо эмес, бара-бара. *Наташа флягадагы суудан жуткургандан кийин Айбала акырындап эсине келди* (Жантөшев).

АКЫРЫНДАТ акырында этишинин аркылуу мамилеси.

АКЫРЫНДОО акырында этишинин кыймыл атоочу.

АКЫРЫНДЫК: акырындык менен — 1) жай, шашылыш эмес, шашылбастан. *Караңгыда балыкчылардын кайыктары акырындык менен бир нече жолу барып кайтышты* («Советтик Кыргызстан»); 2) акырындап, аз-аздан, бара-бара.

АКЫСЫЗ *сын.* 1. Бекер, сатылбастан бериле турган, акча төлөнбөй турган. *Акысыз берилет.*

2. Акы албастан же акы төлөбөстөн. *Өтүкчү акысыз тигип берди.*

3. Укуксуз, укугу жок. *Кол көтөрүүгө акысыз.*

АКЫШ *зат.* Сүйлөгөн сөзү, үн чыгарышы менен өзүнө тарта, экилене кылыктангандык.

АКЫШТАН *этиш.* Экилене, көңүлүн өзүңө бурдура сүйлөп же үн чыгарып кылыктануу (аялдар жөнүндө).

АКЫШТАНУУ акыштан этишинин кыймыл атоочу.

АКЫШТУУ *сын.* Акышы бар, акыштана билген, акыштанганды жакшы көргөн.

АКЫЮУ акый этишинин кыймыл атоочу.

АКЫЯ *сырд.* Кыздар акыйлашканда айтылуучу сөз.

АЛ I алды менен бирдей. *Алга басуу. Алда болуу.*

АЛ II *зат.* 1. Күч, кубат, дарман. *Бул Көкдөөнүн аюусу байлоодо турат алы жок* («Эр Төштүк»). *Андан көрө эгин бак, Алың барда жулунуп* (Токтогул).

2. Абал. *Келгин! — деп орус эли колун берип, Куткарган аман-эсен ошол алдан* (Турусбеков). *Ушул алымды жолдошторума билгизбейсизби?* (Турусбеков).

◆ **Алы-жаны калбоо** *же* **жан-алы калбоо** *к.* **жан I.**

АЛ III *ат.* 1. Үчүнчү жакты же тарапты билдирүүчү жактама ат атооч. *Атасынан кем эмес Ал айтпаса ким айтат* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Көрсөтүү, шилтөө, белгилөө маанисинде колдонулуучу шилтеме ат атооч. *Ал казанга баруруга Элемандын сыртпаны Эми чыкты камынып* («Эр Төштүк»). *Ал кезде Барпы коңурукту кере тартып уктап кеткен* (Байтемиров). *Ал аңгыча Каныкей Арага келип калыптыр* («Манас»). *Ал тургай.. Аскар кулагына чейин кызара түштү* (Сыдыкбеков).

АЛ IV *этиш.* 1. Бир нерсени кол менен кармоо, кармаган абалда болуу. *Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло Алыкан* (Токтогул). *Итике төрдө отурган баласын колуна алды* (Убукеев). *Зубайда сандыгынан кийим алып берди* (Убукеев).

2. Мыкчый кармоо, илип кетүү (куштар жөнүндө). *Каркылдаган өрдөктү Качырып тийип куш алса* («Олжобай менен Кишимжан»).

3. Жиберилген нерсе тиешелүү кишинин колуна тийүү, тиешелүү кишиге

келип тийүү. *Кат алды. Посылка алды. Телеграмма алды.*

4. Соодалоо, алмаштыруу ж. б. жолдор менен ээ болуу, менчиктөө. *Мал базардан ат алдык. Магазинден кездеме, кант, чай алдым.*

5. Үйлөнүү. *Ашык болуп жүргөнүн Аламын десе башка адам, Адамдын көөнү сүйөбү?* («Олжобай менен Қишимжан»). *Алган зайбы Чачыке Ай, күнүнө жетишип Эркек бала төрөдү* («Олжобай менен Қишимжан»).

6. Қабылдоо, ишке коюу, белгилүү бир ишти иштөөгө дайындоо. *Қызматка алды. Саанчылыкка алды.*

7. Қызматтан, белгилүү бир иштен түшүрүү, бошотуу. *Ишти начарлатып жибергендиги үчүн қызматтан алды. Директорлуктан алды.*

8. Кармап калуу, сактоо, сактай билүү. *Эске алды. Ойго алды. Көңүлгө алды.*

9. Милдеттүү болуп калуу, милдеттенүү. *Тапшырма алды. Милдеттенме алды.*

10. Пайда болуу, толуу, байлоо. *Арпа баш алган кез. Жүгөрү дан алды. Қызылча тамыр алды. Мал семирип, жон алды.*

11. Қандайдыр бир сөзгө, талкууга ж. б. қошулуп, аралашып кетүүгө дуушар кылуу, киргитер кылуу; туш келүү, кабылуу. [Ылаак].. *көрүнгөн жерде сөзгө алып, Рақыяны бура бастырбай убара кылат* (Байтемиров). *Эриккен жолоочулар үчтөн-төрттөн Киришти бирдемени талкууга алып* (Турусбеков). *Суракка алды. Тергөөгө алды. Үшүк алды.*

12. Қандайдыр бир натыйжага ээ болуу, жетишүү. *Биздин колхоз қызылчанын ар гектарынан 400 центнерден түшүм алды. Чабан Жумаев ар бир жүз түбар койдон 120 дан козу алды. Ар бир койдон 2 килограммдан жүн алды.*

13. Қандайдыр бир нерсе менен чаап, кесип, кырып ж. б. бөлүү, ажыратуу. *Желдеттери баш алды. Устара менен чач алды. Сакал-мурутун алды.*

14. *мат.* Кемитүү, бир сандан экинчи бир санды кемитүү, тиешелүү бир санга азайтуу. *Жыйырмадан жетини алса, он үч калат.*

15. Атооч сөздөр менен айкалыша келген бир катар учурларда ошол айкалышкан сөзүнө байланыштуу болгон абалга өтүүнү, ошондой абалда, көрүнүштө, аракетте ж. б. болууну билдирет. *Байыр алуу. Тынч алды. Багыт алды. Нукуй алды.*

16. Жөндөмөдөгү бир катар атооч сөздөр менен айкалыша келген учурларда ошол сөзгө байланыштуу болгон тынчсыздандыруу, козгоо абалын көрсөтөт. *Уйкусун алды. Мазасын алды. Тынчын алды.*

17. Көмөкчү этиштик милдетти аткарып негизги этиштин натыйжасын чыгарат. *Токтосун ашка кетчү чыгымдарды эртелеп эл журтунан жыйып алган* (Маликов). *Балапан жаш кезинен Багып алган торгой бар* («Олжобай менен Қишимжан»).

◆ **Тил алуу** — айтканга макул болуу, айтканды орундатуу. **Көңүлүнө же оюна алып калуу** — айтылган сөзгө ичинен капа болуп, эсте сактап калуу; кек сактап калуу, таарынып калуу. **Қаршы алуу** *к.* **каршы. Қапарына албоо** — көңүл бөлбөө, элес кылбоо; тоотпоо. **Колго алуу** — 1) ишти жөнгө сала баштоо, киришип иштей баштоо; 2) бирөөнү өз тарабына тартуу, өзүнүн айтканынан чыкпай турган кылуу. *Курманбекти колго алсаң, Анан жоону жеңесиң* («Курманбек»). **Жат алуу** — жаттап алуу. **Ала сала** — алары менен, дароо. **Ала қачкы** — ала қачып кете турган, баш бербеген (жылкы жөнүндө).

АЛА I *сын.* **1.** Ак менен башка түстөрдүн аралаш келген түсү. *Менин ала топу, өзбекче чапан кийип отурганым абамдын көзүнө көрүнө калды* (Барпы). *Жерге ала шалча жая салынган* (Абдукаримов).

2. Ынтымаксыз, өз ара пикир келишпеген. *Алтоон ала болсоң — алдыңдагыны алдырасың* (макал).

3. Текши эмес, бирдей эмес, чала. *Акшыңдабай жакшы айдагын, Ала таштап жүрбөгүн* (Бөкөнбаев).

4. Арамзалык, митаамдык, жаман ой. *Адам аласы — ичинде, мал аласы — тышында* (макал).

5. *өт.* Бирдей эмес, ар түрдүү. *Булут ала, жер чоло* (макал).

◆ **Ала чокул** — текши эмес, ала-була, тегиз эмес, бирдей эмес. **Ала-кула кылуу** — ыркын кетирүү. **Ала-кула көрүү** — бирдей көрбөө, бирдей деп эсептебөө. **Ала шалбырт** — жаз алдында кар эрип, баткак болгон мезгил. **Ала қийиз** *к.* **қийиз. Ала жипти аттабаган** — бирөөнүн бир нерсесин албаган, бирөөгө кара санабаган, жамандык ишке барбаган. **Бөксөнүн аласы** — бүркүттүн бир түрү. **Ала жаздан** — эрте жаздан. **Ала жайдан** — эрте жайдан, жай башталгандан. **Қара ала** — бүркүттүн баласы. **Көк ала кылуу же көк ала койдой союу** — этин көгөртө уруу, аябай катуу сабоо, тепкилеп салуу. **Қызыл ала кылуу** — оозу-мурдун канжалатып уруу, сабоо. **Ала дөң** — *сүйл.* суусун катарында жутуп жиберүү үчүн суу кошулган сорпо. **Ала күү** *к.* **күү I. Ала кол** — адилетсиз, бардыгына бирдей, тең карабаган. **Ала көөдөн** *к.* **көөдөн.**

АЛА II: ала салуу— баш ылдый болуп оодарылуу, тоголонуу; оодарылып, аңтарылып түшүү; бууракандоо. *Алиги эме.. бирөө түртүп жибергенсип, эки-үч ала салып кетти* (Таштемиров). *Кээде калың чымдар сазандай ала салат* (Сыдыкбеков). *Шарпылдап, жарга урунат, ала салат Баатырдын ичиндеги кекти козгоп* (Үмөталиев).

АЛАА *зат.* **1.** Эки сандын кошулган жеринин ич жагы, чат.

2. Шымдын, ич кийимдердин чатка түш келген жери, кошулган жери. *Шымдын алаасы.*

◆ **Алаасы жок шым** — кичине балдарга кийгизүүчү оюк шым.

АЛААГАН *сын.* Көп алуучу, алганды

жакшы көрүүчү. *Береген колум алааган* (макал).

АЛААМАТ *зат.* Табигый кырсык, оор мүшкүл, катуу бороон-чапкын, кыйынчылык, шумдук. *Айлана алай-дүлөй түшүп, асман менен жердин арасында алаамат болуп жаткансыйт* (Жантөшев).

АЛАБАРМАН *сын.* Шашкалаңдаган, ана-мынаны көп байкабаган, алды-артын көп байкабаган. *Ыйлаак [Мамырдыкына] келгенде даалдап алабарман жүрө берүүчү* (Байтемиров). *[Журтбек].. алабарманыраак.., мергенчиликке шыктуу жигит* (Бейшеналиев).

АЛАБАРМАНДА *этиш.* 1. Токтоо болбой, шашкалактоо, алды-артын көп байкабоо. *Самар стройдон алабармандап кыйкыра сүйлөдү* (Таштемиров).

2. Шашылгандыгы байкалып бир калыпта жүрбөө, бирде жай, бирде катуулап кетүү. *Жорго алабармандап кетти.*

АЛАБАРМАНДАН алабарманда этишинин өздүк мамилеси.

АЛАБАРМАНДАТ алабарманда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАБАРМАНДОО алабарманда этишинин кыймыл атоочу.

АЛАБАТА *зат.* Күлүнөн шакар жасала турган куурай өсүмдүк. *Биз алабата аралашкан куурайдан эки күн чаап жыйнап койгонбуз* (Жантөшев). *Тегерек аянтчаны меңдубана, алабата, шыралжын баскан* (Бейшеналиев).

АЛАБУГА *зат.* Тузсуз сууларда жашоочу канаттары кызгылт түстөгү балык.

АЛАГАЙ *сын.* Көзү бакыракай, көзү алайган. *Алагай көзү жумулуп Акырет көздөй жөн тартып* («Манас»).

АЛАГАР *сын.* Көзү бакыракай, алагай, чоң. *Алагар көзү чолпондой, Ай кулагы калкандай, Бенденден артык шер ошол* («Манас»).

АЛАГДЫ *зат.* Ойдун, санаанын көңүлдүн башка нерсеге бөлүнүү болушу, ойду бир жерге топтой албагандык, алаксыгандык. *Ага алагды болбой, башка иштериңди иштей бер!* (Убукеев). *Берки жолдоштору душманды алагды кылып ок атып турушту* (Жантөшев).

АЛАГДЫЛАН *этиш.* Алагды болуу.

АЛАГДЫЛАНУУ алагдылан этишинин кыймыл атоочу.

АЛАГДЫЛЫК *зат.* Ой, саная, көңүлдүн башка нерсеге бөлүнүү болушу.

АЛАГҮҮ *зат.* Токойдо жашоочу көгүчкөндүн бир түрү. *Алда кайдан алагүүнүн зикири үгулат* (Жантөшев).

АЛАДУҢКАН *зат.* Канаттары ала келген борбаш сыяктуу жырткыч канаттуу. *Жылкычы чымчыктар, чаркыраган аладуңкан пайда болду* («Жаш ленинчи»). *Аладуңкан, көк тамак, Айтылып өтсүн бир сабак* (Тоголок Молдо).

АЛАЙ I: алай-дүлөй — уйгу-туйгу, көз ачырбаган бороон. *Алай-дүлөй борошо болуп, күн көз ачырбай жаап турат* (Абдукаримов).

АЛАЙ II *этиш.* 1. Көзү чанагынан чыгуу, бакыраюу, бакырайып чоң болуп көрүнүү. *Эки көзү алайып, коркуп кеткен шофёр шашкалактап, өтө чукул тормоз берди* (Касымбеков).

2. Акырайып, жаман көз менен кароо. *Супахан Зуннахунга алая карады* (Жантөшев).

АЛАЙТ алай этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАҢ: алак-алак *же* **алак-салак этүү** — көзүн аландата кароо.

АЛАҢА *зат.* Өз ара катыш, байланыш. *Ошентип, Айдарбек, ..менен алакам жакшы денизчи* (Жантөшев).

АЛАҢАЙ *сын.* Бакыракай, алагай. *Алакай көзүн алайтып Арманын айта баштады* (Бөкөнбаев).

АЛАҢАЙЫР *зат.* Уйгу-туйгу, бургунак. *Дүнүйө астын-үстүн түшкөндөй алакайыр* (Элебаев).

АЛАҢАН *зат.* 1. Колдун башынын салааларга чейинки ички жазы жери. *Мамбеткул жазы алаканы менен бырыштуу маңдайын ушалады* (Абдумомунов).

2. Камчы сапты анын өрүлгөн жагы менен бириктирип турган жазы жери.

3. Уктун кереге байлана турган жагындагы жазыраак жери. *Уктун алаканы.*

◆ **Алаканга салып багуу** — алпештеп, эркелетип багуу. *Эл өзү алаканга салып баккан, Учурган жоо үрөйүн шеримди эстейм* (Маликов). **Алаканда тургандай** — ачык, даана. **Кур алакан** *же* **куру алакан** — эч нерсеси жок, куру кол. **Алакандын отундай** *к.* **от III.**

АЛАҢАНДА *этиш.* 1. Алаканга салып же алаканы менен кандайдыр бир ишти иштөө. *Сатар көңүлү ток, теңселген чөп башын алакандап сылай жапырды* (Бейшеналиев). *Алакандап эшүү.*

2. Камчынын алаканын салуу, жасоо. *Эликтин шыйрагына алакандаган ичке жылан боордун бүлдүргөсү [Нуркасымдын] оң колунун ортонуна илинүү* (Сыдыкбеков).

АЛАҢАНДАЙ *сын.* 1. Кичинекей. *Алакандай кагаз алды.*

2. Чоң бадырайган (көз жөнүндө). *Чаргын алакандай көздөрүн аландатып, эки жагына карады* (Сыдыкбеков).

АЛАҢЕТ *зат.* Убаракерчилик; машакат, өтө сор абал. *Чаргын катуу алакетке түштү* (Сыдыкбеков). *Өмүрдүн сан алакет жоругунан Бир жолу кутулганбыз убайымсыз* (Элебаев).

◆ **Жан алакетке түшүү** *к.* **жан I.**

АЛАҢСУУ алаксы этишинин кыймыл атоочу.

АЛАҢСЫ *этиш.* Көңүлүн, оюн башка жакка буруу, көңүлү алагды болуу. *Китепке алаксыган Сабыр ошол замат жооп берчү эмес* (Сыдыкбеков).

АЛАҢСЫТ алаксы этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАҢТА *этиш.* Көзүн аландатуу, көзүн аландата элендөө. *Айбадак алактап ашканага жүгүрүп чыкты* (Жантөшев).

АЛАҢТАТ алакта этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАҢТОО алакта этишинин кыймыл атоочу.

АЛАҚЧЫ *сын.* 1. Алдамчы, жалган. *О, алакчы дүйнө, кыздар не мынча кем, мынча кор* [*деди Батийна*] (Сыдыкбеков). *Аты калып эзси жок, Алакчы мүшкүл оңбой кал* («Сейтек»).

2. *өт.* Бу дүйнө, түбөлүктүү тиги дүйнө эмес. *Жети күндүк алакчы убара болуп жүрбөймүн* (Сыдыкбеков).

АЛАҚЧЫЛА *этиш.* 1. Тымызын оолактатуу, бөлүү. *Башка койлордон алакчылап өзүнчө жем берилген койлор арпа, күнжара, урпак аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев).

2. Тең көрбөө, тең санабоо, бирдей деп эсептебөө. *Аттигиниң теңир ай, Гүлкаакыдай асыл заттан мени не алакчыладың* [*деди Асантай*] (Сыдыкбеков).

АЛАҚЧЫЛАТ алакчыла этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАҚЧЫЛОО алакчыла этишинин кыймыл атоочу.

АЛАЛ адал менен бирдей.

АЛАЛА *этиш.* 1. Бир өндө кылбай ала түскө келтирүү.

2. Бирдей көрбөй ала колдоп мамиле кылуу.

АЛАЛАТ алала этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАЛОО алала этишинин кыймыл атоочу.

АЛАЛЫК *зат.* 1. Бирдей эместик, тең карабагандык; бөлө кароочулук, арамзалык. *Атага баланын алалыгы жок* (макал).

2. Бир пикирдө болбогондук, пикир келишпегендик, ынтымаксыздык. *Айылды алалык бузат, достукту каралык бузат* (макал).

АЛАМ I: алам саатта *же* **алам заматта** — дароо, ары-бери, бир заматта. **Алам уруу** — ашыгып-шашуу, алдас уруп токтолбоо. *Алам уруп агылып, Көбүгүн бүркүп орчундап* (Бөкөнбаев).

АЛАМ II: алам кылуу — алек кылуу, буй кылуу, убаралантып кападар кылуу.

АЛАМАН *зат.* 1. Жабыла качыруу, жапырт кирүү, иретсиз, жапырт киргөн салгылаш, кармаш, күрөш ж. б. *Аламанга киргенде Жаңды үзбөй атып жүр* («Эр Табылды»). *Бул Көкдөңүн көп балбан Аламан уруш коёт го?* («Эр Төштүк»).

2. Иретсиз, тартипсиз чогулган топ, үймөлөктөшүп дуулдашкан көпчүлүк. *Бурула албай, алдыма Түшүп берди аламан* («Курманбек»). *Кылычынын мизинен кыргын тапты аламан* («Курманбек»).

3 Баш аламан, иретсиз, туш келди. *Уч жашар ойноо кезинде Тили чыгат булбулдун, Аламан сүйлөп бергенде Кайгысы чыгат муңдуунун* (Токтогул).

4. Аламандаган, көөдөк, алды-кийнин байкабаган. *Аламан жигит мүнөзү Айтканды укпайт чыркырап* (Осмонкул).

◆ **Аламан коюу** — жапырт ат коюу, жапырт качырып кирүү. *Мунусту көздөй бет алып, Аламан коюп алыптыр* («Манас»). *Аламан коюп кетпесин, Абдан жолун чалып тур* («Эр Табылды»). **Баш аламан** — иретсиз, белгилүү бир тартипке келтирилбеген, аралаш, туш келди. *Үй ичи күү-күү болуп, баш аламан сөздөр айтылат* (Байтемиров). *Баш аламан качкан эл Турдубектин кыйкырыгынан улам токтой калышты* (Жантөшев).

АЛАМАНДА *этиш.* Баш аламан, жапырт кирүү, иретсиз, жалпы, опурактопурап жөнөө, качырып кирүү ж. б. *Аламандап кыйкырып, солдаттарды качырып сала бердик* (Баялинов).

АЛАМАНДАТ аламанда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАМАНДОО аламанда этишинин кыймыл атоочу.

АЛАМАТ *туурасы:* **алаамат.**

АЛАМЫК *сын.* Бирдей эмес, текши эмес, тегиз, бирдей болбогон, бирдей түшпөгөн. *Аламык эт. Аламык кар.*

АЛАҢ I: алагды менен бирдей.

АЛАҢ II: алаң көз — алагай, бакырайган көз. — *Барбайбыз, бака бар,* — *деп алаң көз бала берилеп койду* («Чалкан»).

АЛАҢГАЗАР *сын.* Алды-кийинин байкабаган, аңкоо, аңгөөдек, жеңил кыял. *Же көпкүлөң, алаңгазар шайтандай, Эч максатсыз сызып кетип калгандыр* (Аалы).

АЛАҢДА *этиш.* Көзүн алайта бакырандоо, корккон же чочулаган кебетеде көзүн бакырандатуу. *Карыптын көзү алаңдап Салиманы издегенсийт* (Абдукаримов). *Көргөндө көзү алаңдап өзү шашты, Карады тыңшап-тыңшап эки жакты* (Шүкүрбеков).

АЛАҢДАТ алаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАҢДОО алаңда этишинин кыймыл атоочу.

АЛАП I Өзөндүн өзүнүн куймалары менен бирге алгандагы территориясы. *Кара-Суу дарыясынын алабы. Ак-Буура дарыясынын алабы.*

АЛАП II *зат.* Малга берүү үчүн чөптү майдалап туурап, ага арпа, улпак кошуп даярдаган жем.

АЛАП III: алап-шалап — абдан жете. *Алап-шалап тойдук.*

◆ **Алап-желеп болуу** — көңүлү эргүү, токтоно албоо, жүрөгү алып учуу. *Бала катты окуп алып, алап-желеп болуп сүйүнүү* (Бөкөнбаев).

АЛАПАЙ: алапайын таппай калуу — эмне кыларын билбей калуу; айласы кетүү, шашып калуу. *Алапайын таба албай, Алактап жөнөп калганы* («Манас»).

АЛАРМАН *зат.* Алуучу, ала турган киши; алганды жакшы көргөн киши. *Алармана алтоо аз, берерменге бешөө көп* (макал).

АЛАС I: алас-алас — оорудан, ар түрдүү кырсыктардан тышкары болсун деген максатта арча түтөтүп ырымдоодо айтылуучу сөз. *Алас-алас, балакеттен калас!*

АЛАС II: алас уруу — **алдас уруу** менен бирдей. *к.* **алдас.**

АЛАСА I *зат.* Бирөөдөн алууга тийиштүү болгон акча же буюм. *Аласаң болсо сабыр кыл, Ачууланып кыстаба* (Тоголок Молдо).

АЛАСА II *сын.* Кыска, жапыз, кичирээк. *Аласа бойлуу.*

АЛАСАЛУУ *сын.* Аласасы бар.

АЛАСАЧЫ *зат.* Ала турган аласасы бар, аласасын доолаган киши.

АЛАСКЫ *туурасы*: **алаксы.**

АЛАСТА *этиш.* 1. Арчаны түтөтүп ооруну эмдөө, арча түтөтүп ырымдоо. 2. *өт.* Четтетүү, куып жиберүү. *Аластап чирик эскини, Кайнады эмгек жык толду* (Бөкөнбаев).

АЛАСТАЛ аласта этишинин туюк мамилеси.

АЛАСТАТ аласта этишинин аркылуу мамилеси.

АЛАСТОО аласта этишинин кыймыл атоочу.

АЛАТ: кокуй алат! *же* **алат күн!** — кейигенде, чочуганда айтылуучу сырдык сөз. *О, алат күн десе, ал чолок этектин кеткени качан* («Чалкан»).

АЛАЧЫК *зат.* Керегеси жок, сайылып жасалган жапыз боз үй, ар түрдүү нерселерден, мис., чөптөн, үстүн жаап жасалган калканч жай. *Кан үйүнүн тардыгы, кара алачыгымдын кеңдиги* (макал). *Камыш алачык. Чөп алачык.*

АЛАША *сын.* Сулуу, татынакай, келбеттүү. *Алаша келин, сулуу кыз.*

АЛАШЕМ *туурасы*: **алешем.**

АЛАЮУ алай этишинин кыймыл атоочу.

АЛБА: алба-далба *же* **алба-салба** — абдан жыртылган, айрылып самсаалаган, тамтыгы кеткен. *Көйнөгү туш-тушунан айрылып алба-далба болгон* («САЖИ»). *Ала-салба жеңиң, Азабың өттү го сенин* (Шүкүрбеков).

АЛБАГАЙ *сын.* Албайган, калдайып долдогой көрүнүштө болгон.

АЛБАЙ *этиш.* Калдайып туруу, калдайган долдогой көрүнүштө болуу. *Астынкы эрди албайып, Үстүнкү эрди далбайып* («Манас»). *Алтымыш балбан Момунжан Аттан түштү албайып* («Сейтек»).

АЛБАЙТ албай этишинин аркылуу мамилеси.

АЛБАН *сын.* Нечен-нечен, нечен түрдүү, ар кыл. *Ак эмчегин эмизген, Албан тамак жегизген* («Эр Табылды»). *Албан-албан күлүк бар, алына карай жүгүрөт* (макал).

АЛБАРС *зат.* 1. Таза болот, курч болот. *Албарс кылыч колунда, Каршы-терши кайсалап* («Манас»). *Албарс болсун жабдыгың, Шилтегенди кескендей* (Осмонкул).

2. Тери ооруларын дарылоо үчүн колдонулуучу уу дары. *Албарс менен күчала, Сүр күйрукка ачытты* (Тоголок Молдо).

АЛБАРСТЫ *зат.* 1. Элдик ишеним боюнча: уктап жатканда же төрөт мезгилинде көрүнбөй келип басып муунтуучу, чачы саксайган, аял кебетесиндеги жан, азыткыч кара күч. *Тултуюп Бөкөй отурат, Албарсты келип баскандай* («Саринжи — Бөкөй»).

2. *өт.* Чачы саксайган, түрү суук (көбүнчө аялдарга карата).

АЛБЕТ *туурасы*: **алибет.**

АЛБЕТТЕ *мод.* Арийне, ооба. *Албетте, бул чындык, нукура чындык* (Жантөшев). *Эгерде атты достугу үчүн берсе, албетте, чоң иш кылганы* (Каимов).

АЛБЕТТҮҮ *туурасы*: **алибеттүү.**

АЛБУУТ *сын.* 1. Ачуулуу, кой-айды билбей чамына берген; долу, бейжай. *Ызырынып камчы үйүрөт, Кай бир албуут зорлору* (Жантөшев). *...ашкан албуут, жаактууга жай бербеген кара сур киши* (Жантөшев).

2. Жай албаган, тынч албаган. *Албуут кыял. Албуут жүрөк.*

АЛБУУТТАН *этиш.* 1. Буркан-шаркан түшүп ачууланууу, долуланууу, ээжаа бербей чамынуу. *Казанчы бай Токтогулду көрөөр менен эле адатынча албууттанып сөгүнө баштады* (Аалы).

2. *өт.* Тынч албоо, толкуу, толкунданууу; эргүү. [*Деңиз*] *азоодой тизгин бербей, албууттанып* (Осмонов).

АЛБУУТТАНТ албууттан этишинин аркылуу мамилеси.

АЛБУУТТАНУУ албууттан этишинин кыймыл атоочу.

АЛБУУТТУК *зат.* Албуут кишиге таандык сапат.

АЛБЫН *зат.* Түтөк болгондо айтылуучу дарым. *Албын айтып эмдешип, Аттанып бери кел дешип* («Эр Табылды»).

АЛБЫНДА *этиш.* Албын айтып дарымдоо.

АЛБЫНДАТ албында этишинин аркылуу мамилеси.

АЛБЫНДОО албында этишинин кыймыл атоочу.

АЛБЫР *этиш.* 1. Кызарып чыгуу, кызара нурдануу; күйүп-жангансып дуулдап чыгуу (бет, жүз жөнүндө). *Жеңелер аман калгыла Эмгектен жүзү албырган* (Бөкөнбаев).

2. Алоолонгондой, жалындагандай абалда болуу. *Ала-Тоо ичи түрлөнүп, Алырды эмгек байрагы* («Советтик Кыргызстан»).

АЛБЫРА *этиш.* Самсаалап, бөлүнүп-бөлүнүп кетүү, тытылган, самсаалаган абалда болуу.

АЛБЫРТТА *этиш.* 1. Кызарып ысып-күйүп чыгуу (бет, жүз жөнүндө); жалындоо, алоолонуу. *Балдардын жүзүндөгү албырттаган жарык кубаныч үлпүлдөп өчө баштады* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Толкунданууу, эргүү. *Поль Робсондун таза тунук жүрөгү, Өчпөс нурдай албырттаган илеби* (Маликов).

АЛБЫРТТАН албырта этишинин өздүк мамилеси.

АЛБЫРТТАТ албырта этишинин аркылуу мамилеси.

АЛБЫРТТОО албырта этишинин кыймыл атоочу.

АЛБЫРУУ албыр этишинин кыймыл атоочу.

АЛГА *такт.* 1. Алды жакка, илгери, илгери карай. *Дайым алга умтулган, аракеттене билген жакшы* (Байтемиров). *Артылып алга бараткан турмуш кимди кызыктырбасын* (Бектенов).

2. *сөз.* «Илгери жүр!» деген чакырык, команда. *—Алга! — деген команда угулду* («САЖИ»).

АЛГАЛА *этиш.* Алдын көздөй, илгери карай жүрүү, илгери карай багыт алуу. *Дагы далай жеңишке Дагы алгалап барабыз* (Нуркамал).

АЛГАЛАТ алгала этишинин аркылуу мамилеси.

АЛГАЛОО алгала этишинин кыймыл атоочу.

АЛГАЧ *такт.* А дегенде, ириде, биринчи жолу. *Алгач саа көрсөтүп, анан Сабыр менен Ташбайды чакырайын дедим* (Сыдыкбеков).

АЛГАЧКЫ *сын.* Биринчи, абалкы, а дегендеги. *Данияр келген алгачкы күндөрү андан согушта болгон окуяларды угамын го деп күтүп жүрдүм* (Айтматов). *Токтогулдун алгачкы окуучуларынын бири — атактуу Калык* (Бөкөнбаев).

АЛГЕБРА *зат.* Математикада сан маанисине карабастан, (арифтер менен белгиленген) чоңдуктардын касиеттерин үйрөнүүчү бөлүмү.

АЛГОО *зат.* Өз ара жардам, жер айдоодо бири-бирине унаасын берип же өзү көмөктөшкөн жардам. *Эшен эртең сенин алгооңо барбаймын* («САЖИ»).

АЛГООЛОШ *этиш.* 1. Айыл чарба жумуштарында өз ара жардамдашуу, көмөктөшүү. *Айдады алгоолошуп конок, таруу* (Аалы).

2. Улам бири кезектешип туруу, кезектешип иштөө, берүү ж. б. [*Капитан*] *Каныбектер менен алгоолошуп араа тартыша баштады* (Жантөшев).

АЛГООЛОШУУ алгоолош этишинин кыймыл атоочу.

АЛГЫ I *зат.* Тамыры желе турган жапайы өсүмдүк. *Бул кымыздын ичинде алгы деген чөптүн жарым кашык талканы бар* (Жантөшев). *Көктөмдө тоодон алгы казып, мандалак казып жеп, күн өткөрүп жаттык* (Айтматов).

АЛГЫ II: алгы-берги — өз ара алышбериш. *Алгы-берги тууралуу Алты күнү токтолду* (Тоголок Молдо).

АЛГЫЛЫКТУУ *сын.* Алымдуу; түзүгүрөөк. *Кара мурутчан, орто бойлуу жаш жигит Сабира менен Валяга гана эмес, берки кыздарга да алгылыктуу* (Сасыкбаев). *Устүндө алгылыктуу кийими жок* (Жантөшев).

АЛГЫР *сын.* Кыраан, көзүнө көрүнгөнүн жазы кетирбеген; качырганын куткарбаган. *Алгыр куш. Алгыр төйгөн.*

АЛДА I *зат.* Кудай, теңир. *Жазууна көндүм алданын, Көтөрдүм өлүм салганын* («Курманбек»).

АЛДА II: алда бирөө — кимдир бирөө, белгисиз бирөө. *Арка жагым карап коём, Алда бирөө барчылап* (Мидин.). **Алда кайда** — алыска, алыс жакка, ыраакка; белгисиз жакка. *Алда кайда көз жиберип тунжурап калды* (Жантөшев). *Агын суунун шары алда кайда кетип жатты* (Сыдыкбеков). **Алда кайдан** — алыстан, алыс жактан, ыраактан, белгисиз бир жактан. *Алда кайдан дирилдеген комуздун үнү угулат* («САЖИ»). **Алда кандай** — 1) белгисиз, кандай экени белгисиз, башкача, кандайдыр бир. *Алда кандай бир булут, Пайда болуп калганы* («Манас»).; 2) эң сонун, эң жакшы, айрыкча. *Атыр жыттуу кең жайлоо, Алда кандай көрүнгөн* (Токтогул). **Алда канча** — бир топ, көп, бир кыйла. *Келе жатты эки доо Алда канча жол басып* («Эр Табылды»). *Ашырбай алда канча илгери келатат* (Жантөшев). *Алда канча эл келди* (Токтогул). **Алда ким** — белгисиз бирөө, кимдир бирөө. *Гүл бурап, суу атылып турган бакка Алда ким алда кайдан чырак жакты* (Үмөталиев). **Алда нече** — көп жолу, бир нече ирет. *Алар алда нече курдай келишти* («Советтик Кыргызстан»). *Ай-ааламды күлүк ой, Алда нече айланды* («Мендирман»). **Алда качан** — мурун эле, эчак эле. *Мен эртелеп турган элем. Карыя Алда качан дөңгө чыгып алыптыр* (Аалы). **Алда качанкы** — мурунку, илгерки, өткөн убактагы. *Алда качанкыны эстетесиң?!* (Сыдыкбеков). **Алда эмнедей же алда немедей** — 1) татынакай, жакшынакай. [*Мыскал*].. *кемпирдин көзүнө алда эмнедей жылдыздуу көрүнүп кетти* (Сыдыкбеков); 2) кандайдыр бир башкача. *Алда эмнедей шумдукту көз алдына элестетип,.. чочуп кетти* (Сыдыкбеков).

АЛДА III *такт. сүйл.* Алдыда, алды жакта.

АЛДА IV *сырд.* Өкүнгөндүктү, нааразылыкты, кээде кекээрлегендикти билдирүүчү сырдык сөздүн тутумунда айтылат. *Чынардай болгон ак бетти, Алда катындыгы курусун, Жулуп-жулуп алды эми* («Сейтек»). *Алда Батыш эжекем-ай!* (Сыдыкбеков). *Алда сен-ай!*

АЛДА V *этиш.* Жалган айтуу, калп айтылган сөзгө ишендирүү, жалган ишендирүү. *Алдап салып Маамытты, Акырындап Көкдөөгө Сызган кемпир сенсиңби?* («Эр Төштүк»). *Эшен болдум деп жүрүп, Алдайсың элдин неченин* (Барпы).

◆ **Алдап-соолап** — жылуу-жумшак кеп айтып, эптеп-септеп тил алдырып. *Алдап-соолап айттырамын аз-аздан* (Калык).

АЛДАГЫ *ат.* Жакын аралыктагы кандайдыр бир нерсени көрсөтө айтуу үчүн ошого шилтөө катарында колдонулат. *Алдагыны алып кой. Алдагы колуңдагы эмне?*

АЛДАГЫЧ алдамчы менен бирдей.

АЛДАКЫ алдагы менен бирдей.

АЛДАМЧЫ *зат.* Алдаган, жалган айткан, убадасын орундатпаган киши. *Алдамчыга жаза көп* (макал). *Акмат, Дыйкан алдамчы, Атакан, Миңбай жалганчы* (Токтогул).

АЛДАМЧЫЛЫК *зат.* Алдоочулук, жалган айтуучулук, алдап кетүүчүлүк.

АЛДАН I *такт. сүйл.* Алды жактан, бет маңдайдан. *Алдан шаар көрүнгөн* (Бөкөнбаев).

АЛДАН II *этиш.* Жалганга, калпка ишенүү, бирөөнүн алдоосуна көнүү, ишенүү. *Нина Леонтьевна өзүнүн алдангандыгына күлкүсү келди* (Сыдыкбеков). *..таттуу кыялына алданган Зарыл.. арыкты бойлой басты* (Сыдыкбеков).

АЛДАНУУ алдан этишинин кыймыл атоочу.

АЛДАС: алдас уруу — 1) алдастоо; 2) күрпүлдөө, атырылуу, оргуштоо, бур-

кан-шаркан түшүү. *Агын суулар алдас уруп чамынды* (Бөкөнбаев).

АЛДАСТА *этиш.* 1. Катуу ооруганда эти ысып-күйүп жан талашуу, чабалактоо, чабалактап ооналактоо. *Алдастап эс-учуңду билбей жаттың* (Шүкүрбеков).

2. Шашуу, шашкалактоо, карбаластоо, тынчы кетүү. *Бир сөздөн жыгылып өзүн айыптуу сезгенде* [*Мурат*] *алдастап калуучу* (Байтемиров). *Жолбунов мукактаныл, эч деме дей албай алдастап калды* (Убукеев). *Жүрөк алдастап турат.*

3. *өт.* Күрпүлдөө, буркан-шаркан түшүү. *Алдастап мөңкүп, оргуштап, Сай жайнап суулар киргенде* (Бөкөнбаев).

АЛДАСТАТ алдаста этишинин аркылуу мамилеси.

АЛДАСТОО алдаста этишинин кыймыл атоочу.

АЛДАТ алда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛДЕЙ *сырд.* Баланы соороткондо, бешик ырында кайталанып айтылуучу сөз. *Алдей-алдей, алдей-ай, Таңкы чолпон жылдызым!* (Аалы). *Алдей, алдей, бөбөгүм! Алдымдагы өбөгүм* (Үмөталиев)

АЛДЕЙЛЕ *этиш.* 1. Баланы алдей-алдей деп соортуу. *Алдейлеп бирин-бири көтөрүп чоңойтушкан бир туган бар* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Эркелетүү, бапестеп багып өстүрүү. *Тушалган темир чидерден Бошоткон бүтүн элимдин, Атаңдай баккан алдейлеп Аманы: тиле Лениндин!* (Токтогул). *Ардактап Компартия алдейлеген — Эркеси заманаңын силерсиңер!* (Үсөнбаев).

АЛДЕЙЛЕН алдейле этишинин өздүк мамилеси.

АЛДЕЙЛЕТ алдейле этишинин аркылуу мамилеси.

АЛДЕЙЛӨӨ алдейле этишинин кыймыл атоочу.

АЛДОО I алда этишинин кыймыл атоочу.

АЛДОО II *сырд.* Көбүнчө балдар жарышкан кезде жарыштын башталгандыгын билдирүү катарында айтылуучу сөз.

АЛДУУ *сын.* 1. Күчтүү. *Чабал келген баланы Алдуу кылдым, кырк жигит* («Эр Табылды»).

2. Оокаттуу. *Короо тартып конушту Колунда бар алдуулар* (Осмонкул).

АЛДЫ *такт.* 1. Бир нерсенин, заттын маңдай жагы, багыт алган жагы, бет алып турган жакын айланасы. *Бир чыныны өроп келип Мыскалдын алдына койду* (Сыдыкбеков). *Кинонун алды азан-казан эл* (Баялинов). *Акбар атанын эшик алдын күрөду* (Убукеев).

2. Эң мыктысы. *Ырыс алды — ынтымак* (макал). [*Салиманы*].. *кыздардын алды дебесем да, бир эковунун кийинкиси деп айтууга болот* (Абдукаримов).

3. Биринчи, биринчи катарда. *Көч алдында Күлайым, Алтымыш катын кошчусу* («Эр Төштүк»).

4. Бир нерсенин асты, төмөнкү жагы, ички тарабы, үстүнө карама-каршы жагы. *Ышкынаалы аттардын алдын тазалап жаткан* (Байтемиров).

5. Минип тургандыгын же түшүп турган транспортту белгилөө үчүн колдонулат. *Алдында буурул койкоюп, Көк жеке бутта чойкоюп* («Семетей»).

6. Карамагында экендигин, тиешелүү же таандык экендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Мектептин алдындагы куурчак театры деген сөзгө көпчүлүк балдар дале түшүнүшпөй жүрөт* (Таштемиров).

7. Мурдараак, кандайдыр бир кубулуш, окуя ж. б. болордон, башталуудан мурда. *Таң алдында таттуу соккон тоо жели, Жаш кыялды терметишет мендеги* (Турусбеков).

◆ **Алды менен** — а дегенде, биринчи иретте, ириде. *Алды менен өзүңө ишенимдүү кишилерге таян, акырындап эмгекчилерди өзүңө тарт* (Жантөшев). **Алдына чыгуу** — биринчи болуу. *Комуз кагуу жагынан Токтордун кызы Гүлайымдын алдына чыккан киши болбоду* (Абдукаримов). **Алдынан өтүү** — кандайдыр бир иш жөнүндө алдын ала эскертип коюу, билдирүү, же кандайдыр бир өтүнүч менен кайрылуу. **Алды-артын карабай** — кийин жагын, келечегин ойлонбой, тобокелге салып. **Алдыңан кетейин** *же* **алдыңа кетейин** — баланы эркелетүүдө колдонулат. **Көз алдына келтирүү** — элестетүү, эсине түшүрүү. **Ээк алдында** *к.* **ээк. Кол алдында болуу** *к.* **кол. Алдын ала** — мурун, мурдатан, күн мурунтан. *Камынып жаткан Көңүрдун Алдын ала барсам дейм* («Семетей»).

АЛДЫМ. алдым-жуттум — напсисин агыткан; ичип-жеген, элден, элдин мүлкүн жегенди жакшы көргөн адам. *Айдалып кеттим Сибирге Алдым -жуттум куулардан* (Токтогул).

АЛДЫНЧА: өз алдынча *к.* **өз.**

АЛДЫҢКЫ *сын.* 1. Алдындагы, биринчи катардагы. *Алдыңкынын адашканын арткы билет* (макал). *Алдыңкысын караса, Арчатору көрүнөт* («Эр Табылды»).

2. Өрнөктүү, мыкты. *Алдыңкы кишилер. Алдыңкы малчы.*

3. Төмөнкү, астыңкы. *Ал алдыңкы эрдин кесе тиштеп терең ойго түштү* (Жантөшев).

АЛДЫР 1. ал этишинин аркылуу мамилеси.

2. Жеңдирүү, моюн сунуу. *Карылыкка алдырды. Убайымга алдырды. Аракка алдырды.*

АЛДЫРА *этиш.* 1. Апкаарууу; шалкайып эмне кыларын билбей калуу. *Алдырай түштү калмактар, Не кыларын биле албай* («Манас»).

2. Күчү, алы кетүү, абдан чарчоо. *Бешимге болжол жеткенде, Атым баспай алдырап* («Курманбек»).

АЛДЫРАТ алдыра этишинин аркылуу мамилеси.

АЛДЫРОО алдыра этишинин кыймыл атоочу.

АЛДЫРТАДАН алдыртан менен бирдей.

АЛДЫРТАН *такт.* 1. Тымызын, бардыгы эле биле бербеген түрдө, жарыя эмес. [*Жутаке*].. *терең ойлонуп алдыртан кароодо* (Жантөшев). *Мендирмандын кимдигин алдыртан сурап билишкен* («Мендир-

ман»). *Алдыртан териштирип сурап көрсө керек* (Жантөшев).

АЛЕБАСТР *зат.* Ак түстөгү майда бүртүктүү гипс.

АЛЕҢ *зат.* Убара, түйшүк, машакат, кандайдыр бир ишке айланышкандык. *Алын билбеген алек* (макал). *Энеси болсо күрүчтүн күрмөк ташын тазалап өзүнчө алек* (Байтемиров).

АЛЕҢИ: алеки саатта — бир заматта, ары-бери, тез эле. *Алеки саатта даяр болдук* (Каралаев).

АЛЕҢТЕН *этиш.* Убара болуу, кандайдыр бир ишке киришип айланышуу. [*Токтогул*].. *канаттуулардын түркүн тилдүү, шыңгыр дабыштарын туурап, кайталоо менен алектенди* (Аалы).

АЛЕҢТЕНТ алектен этишинин аркылуу мамилеси.

АЛЕҢТЕНҮҮ алектен этишинин кыймыл атоочу.

АЛЕҢГИР *зат.* 1. Чаң-тополоң; чуу, дүрбөлөң; кыйроо. *Ботом, жылкыга жети карышкыр тийип, таза алеңгирди салбадыбы* (Байтемиров).

2. Эпостордо: кыйратып чуу түшүрүүчү, кыргын салуучу (куралга карата). *Алеңгир жаа, сыр жебе Кошо тартат Чынкожо* («Сөметей»).

АЛЕТ *зат.* Өң, түс. *Байкуш Кулу, алеттен кете түштү эле, эми кийим-кечеси кымырайып, бетине кызыл жүгүрүп калыптыр* (Осмоналиев).

АЛЕШЕМ *сын.* Кургак эмес, ным, нымдуу. *Алешем отун. Алешем тезек.*

АЛЖАГАЙ *сын.* Алжайган; жалжагай. *Алжагай ооз, жар кабак.*

АЛЖАЙ *этиш.* Чоң ачылган көрүнүштө болуу (мисалы, тилинген жер). [*Култайдын*].. *эки колунун тең баш бармагы, сөөмөйүнүн учу алжайып жарылган* (Абдукаримов).

АЛЖАКЕ *зат.* Жалжактап күлүп, дайны жок сүйлөй берген киши. *Жалжаке кишиге шайкелең, алжаке аял бат эле үйүр боло калат экен* («Советтик Кыргызстан»).

АЛЖАКТА жалжакта менен бирдей.

АЛЖАҢДА жалжаңда менен бирдей.

АЛЖАПКЫЧ *зат.* Жумуш иштегенде кирдебесин үчүн көбүнчө кездемеден жасалган кийимдин алды жагына тартынгыч. *Калбубу алжапкычын байланып, колун жууду* (Убукеев).

АЛЖУУ алжы этишинин кыймыл атоочу.

АЛЖЫ *этиш.* 1. Абдан карып акылдан тануу, туура ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн жоготуу. *Алжып калган чалдын сөзү көңүлүңүзгө толбогон чыгар?* (Жантөшев). *Кылкылдаган көп элди Кырк кишиге теңеген, Алжыганың эмеспи* («Курманбек»).

2. *өт.* Болбогон нерселерди сүйлөө, оозуна келгенди айта берүү, сандырактоо, тантыроо. [*Тугөл*].. *көп сүйлөй берип акырында аябай алжыды* (Бейшеналиев). *Чечен алжыса, төө дейт* (макал).

АЛЖЫРАК *сын.* Тыгыз эмес. *Алжырак бөз.*

АЛЖЫТ алжы этишинин аркылуу мамилеси.

АЛИ *такт.* Ушул кезге чейин, эмгиче, алиге, дале. *Силер ал тизмени али жибере элексиңер* (Абдукаримов). *Койлордун удургуп үркүшү али басылбады* (Жантөшев).

АЛИБЕТ *зат.* Күч, кубат.

АЛИБЕТТҮҮ *сын.* Күчтүү, кубаттуу. *Нуркасым алибеттүү, салкын кандуу жигит экен го!* («Советтик Кыргызстан»).

АЛИГЕ *такт.* Ушул убакытка чейин, али, эмгиче. *Алиге Жанболоттон кабар жок* (Шимеев).

АЛИГЕЧЕ алиге менен бирдей.

АЛИГИ *такт.* Жанакы. *Ачбуудан аттын үстүнөн Алиги Жолой баатырың, Аңтарылып кеткени* («Манас»). *Алиги жигит жакындай түшүп сөзгө аралашты* («Чалкан»).

АЛИГИЧЕ *туурасы*: **алигече.**

АЛИК: алик алуу — айткан саламды кабыл алуу. *Четте отурган бырыш беттүү кара киши озунуп алик алды* (Каимов).

АЛИМЕНТ *зат.* Бөлөк жашаган, үйбүлөнүн эмгекке жарабаган мүчөлөрүнө (балдарга, эне-аталарга ж. б.) алар менен туугандык жакындыгы бар кишилер тарабынан законго ылайык төлөнүүчү каражат.

АЛИП *зат.* Тик сызык формасында жазылуучу араб алфавитинин биринчи ариби.

◆ **Алипти таяк деп билбеген** — сабатсыз, сабаты жоюлбаган, окубаган.

АЛИППЕ *зат.* 1. *эс.* Алфавит, тамгалардын жыйындысы.

2. Окуу-жазууга үйрөтүүчү алгачкы китеп.

АЛҚ *зат.* Кулкун, алкым, тамак; кулк-мүнөз. *Алкың бузук эле, Самтыркан, баарын жебе* (Байтемиров). *Манап алкы бузулду, Мал ордуна киши жейт.* (Токтогул).

◆ **Алкы ачылуу** — аппетити ачылуу, тамакка пейли абдан тартуу. *Кечке чейин тыңбай иштегендиктен... отурагандардын ар кимисинин алкы ачылып, тамакты жакшы жеп жатат* (Байтемиров). **Алкы бузук** *же* **алкы кеткен** — ичкич-жегич, алдым-жуттум, ач көз.

АЛҚА I: алка жака — жаканын алкымга туура келген бөлүгү. *Супахан Айбадакты алка жакадан алды* (Жантөшев).

АЛҚА II: алка-шалка түшүү — көл-шал болуп тердөө, аябай тердөө. [*Журтбек*] *Алызага муунуп, алка-шалка терге түштү* (Бейшеналиев).

АЛҚА III *этиш.* Жакшы тилек тилегендигин билдирүү, алкыш сөздөрүн айтуу. [*Таттуу*].. *бардык билген жакшы сөздөрүн аябай баласын алкап, жалынып-жалбарып жүрдү* (Байтемиров). — *Былайым кем болбогула! — деп алкай-алкай.. аттанууга камынды* (Жантөшев).

АЛҚАК *зат.* 1. Ийип жасалган тегерек; кандайдыр бир нерсеге айландыра курчалган курчоо. [*Гүлбүбүнүн*] *алкакты тизесине кийгизе илме шибегени*

ыпылдата жипти жипке илгени көзгө илээшпейт (Сыдыкбеков). *Мен ушул алкагы жөнөкөй жыгачтан жасалган сүрөттүн алдына келип турам* (Айтматов).

2. *геогр.* Эки параллелдин же эки меридиандын ортосундагы жердин бир бөлүгү. *Мелүүн алкак. Ысык алкак.*

АЛҚАКТУУ *сын.* Алкагы бар. [*Сатуучу*].. *алтын алкактуу көз айнек салынган* (Сыдыкбеков).

АЛҚАТ алка этишинин аркылуу мамилеси.

АЛҚОО алка этишинин кыймыл атоочу.

АЛҚЫЛДА *этиш.* 1. Алкынып сүйлөө, ачууланып булкулдоо. *Кылымкан алкылдап үйүнөн чыкты* (Байтемиров).

2. Башын чулгуп алдыга умтулуу. *Аргымак аттар алкылдап* («Манас»).

АЛҚЫЛДАТ алкылда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛҚЫЛДОО алкылда этишинин кыймыл атоочу.

АЛҚЫМ *зат.* 1. Моюндун алды жагы, тамак. *Бардыгы кулакчындарын алкымына бүйрө байлап, тон, ичиктерин сыртынан куушура курчанышкан* (Убукеев). *Алкымы айдай жарк этет* («Мендирман»).

2. Кулкун, кекиртек. *Бир алкымдын айласы үчүн Калп айтууну мен койсом!* (Маликов).

3. Тоо алды, тоого таёо жер. «*Күрпүлдөк*» *колхозунун алкымдагы чөп чабыктары менен түздөгү эгин аянттары* (Сыдыкбеков).

◆ **Алкымын майлоо** — пара берүү.

АЛҚЫМДА *этиш.* 1. Кекиртектөө, тамактан алуу. *Казанчы баланы алкымдап, силкип-силкип алды* (Аалы).

2. Тоо этектеп жүрүү, тоонун алкымы менен жүрүү. *Жай мезгили үч айда Малчы көчөт алкымдап* (Тоголок Молдо). *Тигилер да белди алкымдап келип калышты* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Абдан кыстоо. *Чыгым деп алкымдашат кызыл чогу Аларга эсеп эмес малдын жогу* (Аалы).

АЛҚЫМДАТ алкымда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛҚЫМДОО алкымда этишинин кыймыл атоочу.

АЛҚЫН *этиш.* 1. Алга карай жулунуу, жүткүнүү, жутунуу. *Нар төөнү өргө тартса алкынат* (макал).

2. Ээлигип жулкуна сүйлөө, чамынуу.

АЛҚЫНДЫ *зат.* Кир жуугандан калган самындын калдыгы.

АЛҚЫНТ алкын этишинин аркылуу мамилеси.

АЛҚЫНУУ алкын этишинин кыймыл атоочу.

АЛҚЫШ *зат.* 1. Ыраазы болгондугун билдирген жакшы тилектеги сөздөр, мактоо сөздөр. *Алкыштар, назик жылуу сөздөр айылдын азаматы Дүйшөнкулга айтылып жатты* (Бөкөнбаев). *Коммунисттик партияга жүрөктөн чыккан алкышты миң эсе кайталасаң да, бул алкышка чек жок!* (Аалы).

АЛҚЫШТА *этиш.* Алкыш айтуу. *Батый да күлүмсүрөп көпчүлүк менен кошо Осмонду алкыштады* (Сасыкбаев).

АЛҚЫШТОО алкышта этишинин кыймыл атоочу.

АЛЛА алда I менен бирдей.

АЛЛЕЯ *зат.* Эки жагына дарак тигилген жол. *Таш төшөлгөн.. аллеяларды бойлой тигилген жаш даректар* (Бейшеналиев). *Эл жүргөн кирсиз таза аллеянын Гүл менен саймаланган эки жагы* (Үмөталиев).

АЛЛОО алдоо II менен бирдей.

АЛМА I *зат.* Мөмө жыгачы. *Алма, өрүгү көтөрө албай мөмөсүн, Денин жыйып жүгүнгөнүн көрөсүң* (Аалы). *Өзгөчө алма бактын жыты кандай, Издесем атырды да таппайм андай* (Нуркамал).

2. Ушул жыгачтын мөмөсү. *Көмкөрүлгөн чыныдай кызыл алма, Чөмүлгөнсүң жыпарга кайсы жайда* (Үмөталиев).

◆ **Алма баш** — эпостордо: мылтыктын бир түрү.

АЛМА II: алма-телме — алмак-салмак, биринен кийин бирин. — *Менин бактым, менин байлыгым! — деп эки наристесин алма-телме өөп-жыттап бооруна басты* (Таштемиров).

АЛМАЗ *зат.* 1. Адатта түссүз, бардык башка минералдардан жана асыл таштардан жалтырактыгы жана катуулугу менен өзгөчөлөнгөн, тунук кымбат таш.

2. Ушул таштын кичинекей бөлүкчөсү коюлган айнек кесүүчү аспап.

3. *өт.* Күрч, өткүр. *Биздин чапкан алмаз болот кылычтын' өткүрлүгүн кылым бою эстесин!* (Осмонкул).

АЛМАК: алмак-салмак — биринен сала бири, биринен кийин бири. *Келиндер сапырғычка алмак-салмак дагы да топон салышты* (Баялинов). *Актан эки колу менен алмак-салмак күшүлдөтүп көрүк басууда* (Бейшеналиев).

АЛМАЛУУ *сын.* Алмасы бар, алма өскөн. *Алмалуу жер. Алмалуу, жүзүмдүү калың бак.*

АЛМАН I *зат.* Көбүнчө жеңилген элден алынуучу салык, жалпы эле салык, алым. *Атаңа наалат буруттан Алманды мыктап алалы* («Манас»). *Алман алып эл жемек Манаптан нуска калган дейт* (Тоголок Молдо).

АЛМАН II *сын.* Алгыр. *Алман бүркүт.*

АЛМАЧ *сын.* Аркы-терки. *Келериңде дүнүйө Алмач өркөч лөктөйсүң* (Токтогул).

АЛМАШ *этиш.* 1. Айырбаштоо. *Ак тамдарга алмашканбыз Боо-чууларын өргөөнүн* (Бөкөнбаев). *Жапек менен Каныбек оттук, кестик алмашып дос болушкан* (Жантөшев).

2. Оошуу, кезектешүү. *Күндөр жылып, айлар алмашты* (Абдыраманов).

АЛМАШТЫР алмаш этишинин аркылуу мамилеси.

АЛМАШУУ алмаш этишинин кыймыл атоочу.

АЛМУРУТ *зат.* 1. Мөмө жыгачы. *Ал-*

мурут чыккан жерлерге Итмурун чыгат дечү эле («Манас»).

2. Ушул жыгачтын мөмөсү. *Алмуруту эзилет Семиз койдун этиндей* (Үмөталиев).

АЛМУСАК: алмусактан бери — эзелден бери, атам замандан бери. *Биерлерге арпадан башка эчтекенин өнбөй тургандыгы алмусактан бери белгилүү* (Абдукаримов).

АЛМУСТАК алмусак менен бирдей.

АЛОО *зат.* Жалын, оттун жалыны. *Ортосунда алоо күйүп, чатырап, От жанынан оолак-оолак качырат* (Аалы).

АЛООЛО *этиш.* Жалындоо, жалын чыгуу. *Анда-санда алоолоп жанган куурайдын учкундары түндүктөн көрүнөт* (Жантөшев).

АЛООЛОН алооло менен бирдей.

АЛООЛОО алооло этишинин кыймыл атоочу.

АЛООЛОТ алооло этишинин аркылуу мамилеси.

АЛП *зат.* 1. Абдан зор денелүү киши, дөө. *Илгеркинин алпы көп, алпынан да калпы көп* (макал). *Өзүмдүн өскөн жеримден Азаматкөрдүм, алп көрдүм* (Осмонов).

2. *өт.* Чоң, зор. *Алп мүчөлүү. Алп уйку. Ленинграддагы заводдордун алптарынын бири* («Советтик Кыргызстан»).

АЛПАР *этиш. сүйл.* Алып баруу, апаруу.

АЛПАРУУ алпар этишинин кыймыл атоочу.

АЛПЕЧТЕ *этиш.* Эркелетүү, кадырлоо, урматтоо. [*Эне*] *алпештеп багып өстүргөн* (Жантөшев). *Баатыр ага—улуу орус жөлөгү, Алсыз кезде алпештеди, жөлөдү* (Аалы).

АЛПЕЧТЕТ алпечте этишинин аркылуу мамилеси.

АЛПЕЧТӨӨ алпечте этишинин кыймыл атоочу.

АЛПЕШТЕ туурасы: **алпечте.**

АЛПУРУШ *этиш.* Арпалышуу, кызуу иштөө, жан-дили менен аракет кылуу, күрөшүү, алышуу. *Баатыр дыйкан билек түрүп алпурушкан жер менен* (Аалы). *Бир саатгай алпуруштук.*

АЛПУРУШУУ алпуруш этишинин кыймыл атоочу.

АЛСЫЗ *сын.* 1. Күчсүз, кубатсыз, дармансыз, начар. *Анда-санда гана Бекқулдун алсыз табышы угулат* (Элебаев).

2. Жармач, турмушу начар. *Жетимжесир, алсызга Карабадың беш каман* (Токтогул).

АЛСЫЗДАН *этиш.* Начарлоо, күчү кетүү, шайы бошоо, алсыроо. *Деди да, Кадыр үшкүрүп Алсызданып муңайды* («Мендирман»).

АЛСЫЗДАНТ алсыздан этишинин аркылуу мамилеси.

АЛСЫЗДАНУУ алсыздан этишинин кыймыл атоочу.

АЛСЫЗДЫК *зат.* 1. Күчсүздүк, начарлык, кубаты жоктук. *Ошондо меники алсыздык же балалык экенин билбейм* (Элебаев). *Эркек мен эмес, аялдар бел байлап иштегенде, менин алсыздык кылууга акым бар беле?* (Айтматов).

2. Жармачтык колунда жоктук.

АЛСЫРА *этиш.* Күч-кубаты кетүү, дарманы кетип абдан чарчоо. *Күн тийбес тамда жатамын Күч кетип, эс ооп, алсырап* (Токтогул).

АЛСЫРАТ алсыра этишинин аркылуу мамилеси.

АЛСЫРОО алсыра этишинин кыймыл атоочу.

АЛТЕК: алтек-талтек басуу — тамтуң басуу, калт-калт этип басуу, тың баса албоо, тамтаңдоо.

АЛТОО *сан* Алты санынын жамдалып айтылышы. *Алтооң ала болсоң ооздогуну алдыңасың, төрттөөң түгөл болсоң төбөдөгүнү аласың* (макал).

АЛТҮНДӨ *такт.* Түн ичинде, түнкүсүн, бүгүнкү түнү. *Алтүндө энең экөөңөр тетиги ашуунү ары ашасыңар* (Жантөшев).

АЛТЫ *сан.* 6 саны, эсеби. *Алты сом. Алты жыл.*

◆ **Алты бакан** к. **бакан. Жайдын же кыштын алты ай** — жай бою же кыш бою *Кыштын алты ай жөө басып, арып, чарчаганына карабастан, комуз чертип түн жарымына чейин уктаган жок* (Бөкөнбаев).

АЛТЫГАНА *зат.* Сары түстүү гүлү бар майда бадал. *Анда-санда эрбейген алтыгана [кезигет]* (Жантөшев).

АЛТЫМЫШ *сан.* 60 саны, эсеби. *Жыргалдуу заман барында Алтымыш жашка барсам да, Жыйырма беш жашка сатпаймын* (Осмонкул).

АЛТЫМЫШЫНЧЫ *сын.* Алтымыштын иреттик саны. *Алтымышынчы орун.*

АЛТЫН *зат.* 1. Кымбат баалуу сары түстүү жаркырак металл. *Алтын, күмүш эшилген Кендерің бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев). *Алтын чирибейт, акыл азбайт* (макал).

2. *өт.* Кымбаттуу, баалуу, сонун, эң жакшы. *Ала-Тоо жериң алтын, Биле элек элиң баркын* (Аалы). *Айтканың кантип унутам Сендей алтын баланын* («Олжобай менен Кишимжан»). *Алтын билим, өнөрдүн Сүтүн берген мугалим* (Бөкөнбаев).

3 *өт.* Сары түстүү. *Жапырылган түрдүү төп Алтын сындуу көрүнөт* («Эр Төштүк»).

◆ **Ак алтын** — пахта. **Кара алтын** — көмүр. **Алтын жаак, жез таңдай** — чечен, сөзмөр. *Алтын жаак, жез таңдай Ырчы болгон экенсиң* (Токтогул).

АЛТЫНДА *этиш.* Алтын жалатуу, алтындын буусуна кармоо, алтын менен кооздоо. *Төбөсүнө кийгени Алтындаган такыя* («Эр Төштүк»).

АЛТЫНЧЫ *сан.* Алтынын иреттик саны. *Алтынчы катар.*

АЛУУ ал этишинин кыймыл атоочу.

АЛФАВИТ *зат.* Белгилүү бир тартипте кабыл алынган тамгалардын жыйындысы.

АЛЧА *зат.* 1. Мөмө жыгачы. *Короолордо букет койгон немедей, Өрүк гүлдөп, алча гүлдөп жарашты* (Үмөталиев).

2. Ушул жыгачтын сөөктүү тоголок мөмөсү. *Мөлтүрөп бышкан алчасы Кыздар тизген шурудай* (Үмөталиев).

АЛЧАКТА алчаңда менен бирдей.

АЛЧАҢДА *этиш.* 1. Башын жогору көтөрүп чулгуп, буттарын талтаңдаткансып басуу. *Аргымак күлүк алчаңдайт, Асемдеп токуп мингенде* (Токтогул).

2. *өт.* Өзүн эркин сезүү, эркелеп жагалдануу. *Алчаңдап, атамды ээрчип, тай үйрөтүп, Чапкылап бул конушта жүрдүм эле* (Токобаев).

АЛЧАҢДАТ алчаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АЛЧАҢДОО алчаңда этишинин кыймыл атоочу.

АЛЧЫ *зат.* Чүкөнүн таа жагына карама-каршы жагы, айкүр.

◆ **Алчы-таасын аңтаруу** — ийне-жибине чейин териштирүү. **Алчы-таасын жеген** *же* **алчы-таасын кемирген** — абдан тапан, куу, амалдуу.

АЛЧЫЛАН *этиш.* Жагалдануу. *Аксакал алчыланып ылдый чапты, Найзаны оң колтукка таамайлатты* (Маликов).

АЛЧЫЛАНТ алчылан этишинин аркылуу мамилеси.

АЛЧЫЛАНУУ алчылан этишинин кыймыл атоочу.

АЛЫБЕТТҮҮ *туурасы:* **алибеттүү.**

АЛЫК *зат. тар.* Алым, салык. *Анчамынча кечпестен, Арбын болду алыгың* (Тоголок Молдо).

АЛЫМ *зат.* 1. Элден алына турган салык. *Кырылгандан калганы Алым берип тынч жатты* («Курманбек»).

2. Тогуз коргол оюнундагы утуш.

3. *мат.* Математикада бөлчөк сызыкчасының үстүндө турган сан.

◆ **Алым сабак** — алмак-салмак, кезектешип, биринен кийин бири. *Жер жаңыртканмукам үндөрү менен алым сабак айтышып ырдай кетишти* (Тоголок Молдо).

АЛЫМДУУ *сын.* Кадырлуу, кадырбаркы бар, сыйлуу. *Ким көпчүлүккө алымдуу болсо, ошонун иши озот* (Сыдыкбеков).

АЛЫМСАК аласа менен бирдей.

АЛЫМСЫН *этиш.* Канааттануу, ыраазы болуу. *Ит аягын жаламайынча алымсынбайт* (макал). [*Асан карыя*].. *сөзүнүн аягында алымсынгандай айланасындагы унчукпай отургандарды чолуй карады* (Аалы).

АЛЫМСЫНАРЛЫК *сын.* Канааттандырарлык, ыраазы болорлук.

АЛЫМСЫНДЫР алымсын этишинин аркылуу мамилеси.

АЛЫМСЫНДЫРАРЛЫК *сын.* Канааттандырарлык, ыраазы кыларлык.

АЛЫМСЫНУУ алымсын этишинин кыймыл атоочу.

АЛЫМЧА *зат.* Токтомдон, чечимден алып таштоону сунуш кылган пикир. *Кимдин кошумча, алымчасы бар?* (Сыдыкбеков).

АЛЫНЧА *такт.* Өз алына жараша, алына карай, колунан келишинче; анчалык эмес. *Алынча оокат малы бар Байсымак жанга жолукту* (Тоголок Молдо).

АЛЫС *такт.* 1. Ыраак, узак, жакын аралыкта эмес. *Алыска кетем эл үчүн* (Аалы). *Тулпар алыс чуркайт, шумкар ыраак учат* (макал).

2. Кыйыр, жакын эмес. *Алыс туугандар.*

◆ **Күн алыс** — арасынан бир күн өткөрүп.

АЛЫСКЫ *сын.* 1. Ыраактагы, алыс жердеги. *Алыскы арча арасынан Күкүк үнүн чыгарат* (Бөкөнбаев). *Салыктын айлы бүрсүгүнү алыскы жайлоого, Суусамырга көчмөк* (Каимов).

2. Кыйыр, жакын эмес. *Алыскым — кыйыр туганым* («Семетей»).

АЛЫСТА *этиш.* 1. Ыраактоо, алыс болоберүү. *Аңгыча караса кыштактан алда кайда алыстап кетишиптир* (Байтемиров).

2. Обочолоо, четтей баштоо, мамилеси суу баштоо. *Жолобой калат билгендер, Алыстайт бирге жүргөндөр* (Шүкүрбеков).

АЛЫСТАН *такт.* Ыраактан, алыс аралыктан. *Алыстан-алыстан ызгытып чаап келе жаткан Чаарбектин жасоолдору көрүндү* (Бөкөнбаев).

АЛЫСТАТ алыста этишинин аркылуу мамилеси.

АЛЫСТОО алыста этишинин кыймыл атоочу.

АЛЫСТЫК *зат.* Ыраактык, эки ортодогу аралык. *Миңдеген километр алыстыкта турат. Жапар.. аркан бою алыстыкта жаткан командир Соловьевду көрүп калды* (Баялинов).

АЛЫСЫН *зат.* Жаш көк чөп, чабылып алынгандан кийин калың өскөн чөп. *Атты арабадан чыгарып, суунун боюндагы күзгү көк алысына коё берип,.. Жылдыздын жанына басып барышты* (Жантөшев). *Чөбүн ордуруп алышкандыктан, анын ордуна алысын чыккан* (Жантөшев).

АЛЫСЫНДА *этиш.* Алысын чыгуу; дүркүрөп калың чыгуу.

АЛЫСЫНДОО алысында этишинин кыймыл атоочу.

АЛЫШ I *зат.* Арык, өстөн. *Сен эмгектин каарманы, Жаңы алышка суу бурган* (Үмөталиев). *Те, алыш башындагы сугатчы салмак аттаса, ийниндеги кетмени күнгө чагылышат* (Сыдыкбеков).

АЛЫШ II 1. **ал** этишинин кош мамилеси.

2. Бири биринен алып же берип, катнашып туруу.

3. Кармашуу, күрөшүү. *Менин чапчыша турган чамам жок, Сиз менен алыша турган айлам жок* («Манас»).

◆ **Дем алыш** *к.* **дем. Үн алышуу** *к.* **үн.**

АЛЫШТЫР 1. **алыш** этишинин (3-маанисинде) аркылуу мамилеси.

2. Аралаштыруу, которуштуруу; алмаштыруу. *Жегениңди көп көрбөйм, алыштырганда аз болбосун* (макал). *Бая Шамбет экөөбүз көйнөк алыштырып кийген элек* (Сыдыкбеков).

АЛЫШТЫРУУ алыштыр этишинин кыймыл атоочу.

АЛЫШУУ алыш этишинин кыймыл атоочу.

АЛЬБОМ *зат.* Арасына сүрөттөр, маркалар ж. б. жабыштыруу үчүн же беттерине ыр жазуу үчүн ылайыкталып түптөлгөн китеп же дептер.

АЛЬМАНАХ *зат.* Ар түрдүү авторлордун көркөм адабий, тарыхый же публицистикалык мүнөздөгү чыгармаларынын жыйнагы.

АЛЬПИНИЗМ *зат.* Бийик тоолордун чокуларына чыгуу туризми.

АЛЬПИНИСТ *зат.* Альпинизм менен иришүүчү адам; тоо туристи.

АЛЮМИНИЙ *зат.* Ак түстүү жеңил металл.

АМАЗ *туурасы*: **намаз.**

АМАЛ *зат.* 1. Айла, ылаажы. *Эки кароолчуну колго түшүрүүгө сонун амал табылды* (Жантөшев).

2. *мат.* Математикалык эсептөөнүн негизги түрү. *Арифметиканын төрт амалы.*

АМАЛДА *этиш.* Амал колдонуу, айласын табуу. *Кутулду бир ажалдан туткун карып, Амалдап куу зулумду көйгө салып* (Бөкөнбаев).

АМАЛДАН *этиш.* Амал колдонуу, айла табуу, куулануу. *Ойлонуп жолду карай амалданып, Жеткенде чал жыгылды эстен танып* (Токтомушев).

АМАЛДАНУУ амалдан этишинин кыймыл атоочу.

АМАЛДУУ *сын.*. Айлалуу, амалкөй, жолун таба билгич, куу. *Бир амалдуу адис мергенчи бир уядан бир жорунун балапанын алып багат* (Тоголок Молдо).

АМАЛКЕЧ амалкөй менен бирдей.

АМАЛКӨЙ *сын.* Айлакер, илелүү, амалдуу. *Айла тапчу амалкөй Аксакал Кошой каны жок* («Манас»).

АМАЛСЫЗ *сын.* Айласыз, аргасыз, айла жок. *Кош, аман бол, туугандар, Токтогул деп томсоруп, Амалсыз карап тургандар* (Токтогул).

АМАЛСЫЗДАН *такт.* Айласыздан, айла жоктуктан, аргасыздан. *Амалсыздан бет алдым Жетпей турган алысты* (Токтогул).

АМАН *такт.* Сак-саламат, соо-саламат, соо, эсен. *Алдейдеп мени чоңойткон Апакем аман барсыңбы* (Токтогул).

АМАНАТ *зат.* Жоготпой сактоо үчүн берилген нерсе, бирөөгө табышталган нерсе, иш, тапшырма. *«Мен келгенче катып кой», — деп аманат кылып таштап кетти* («Жомоктор»). *Бир аманат айтайын деп келдим* (Байтемиров).

АМАНДАШ *этиш.* Учурашуу, саламдашуу, бири биринин саламаттыгын, эсендигин суроо. *Ал жигит ачык, шайыр амандашат* (Аалы). *Айсулуу амандашты колун берип* (Үмөталиев).

АМАНДАШУУ амандаш этишинин кыймыл атоочу.

АМАНДЫК аманчылык менен бирдей.

АМАНЧЫЛЫК *зат.* Сак-саламаттык, соо-саламаттык, эсенчилик. *Аманчылык болсо, эки айдан кийин дем алышка барабыз* (Аалы). *Жолдоштору менен аманчылык сурашты* (Сыдыкбеков).

АМАЧ *зат.* Буурсун. *Ырас, арпаны иш арбытпаган берекесиз амач менен айдачу элек* (Абдукаримов).

АМБАР *зат.* Кампа.

АМБРАЗУРА *зат. сог.* Коргонуу жайларында, кемелерде, танкыларда ж. б. ар кандай куралдардан ок атуу үчүн ылайыкталган тешик.

АМБУЛАТОРИЯ *зат.* Келип кетүүчү ооруларды дарылоочу же ооруларга үйүнө барып медициналык жардам көрсөтүүчү дарылоо мекемеси.

АМЁБА *зат.* Денеси улам жылып бара жаткан жагын көздөй созулуп кыймылдоочу эң жөнөкөй жаныбар.

АМИР *зат. эс.* Буйрук, жарлык. *Аптыгып Азизхандын амиринен, Сынчылар башын чайкап, көзүн жумган* (Осмонов). *— Э, Айдардан амир болсо, аргабыз канча!?* (Сыдыкбеков).

АММОНАЛ *зат.* Тоо иштеринде же согуш иштеринде колдонулуучу жарылуучу зат.

АМНИСТИЯ *зат.* Кылмышкердин жазасын мамлекеттик жогорку бийликтин чечими боюнча жеңилдетүү же толук кечирүү.

АМОРТИЗАТОР *зат.* Урунуунун күчүн азайтуу максатында машиналарда, аппараттарда коюлуучу тетик, жасалга.

АМОРТИЗАЦИЯ *зат.* 1. *эк.* Машиналардын, имараттардын ж. б. эскиришине карай акырындык менен бара-бара алардын наркын толук төлөө.

2. *фин.* Убакты-убактысы менен белгиленген мөөнөттөрдө взностор берүү же берилген милдеттенмелерди сатып алуу аркылуу узак мөөнөттүү заёмдорду төлөө.

3. *тех.* Автомобиль жүргөн кезде, самолёт конгон кезде ж. б. урунуп-беринүүлөрдүн, ышкылуулардын күчүн азайтуу.

АМФИТЕАТР *зат.* Театрларда, концерттик залдарда ж. б. партердин артындагы көтөрүңкү жайдагы орундар.

АМЫЗ *туурасы*: **намыс.**

АН: ан үчүн — ошол үчүн, ошондуктан. **Ал үчүн.** **Ан сайын** — ошенткен сайын, анын үстүнө.

АНА I *зат.* Эне. *Ким болот ата-бабасы, Кайсы элдин кызы болду экен Ошонун туган анасы* («Олжобай менен Кишимжан»). *Байкерчилик, эркин турмуш, төкчулук Үчөөңөрдөн: Күн, партия, жер-ана* (Аалы).

◆ **Ана башы** — башчысы; эң биринчиси.

АНА II *ат.* Тигине, мына. *Колхоздун мал жайытынан баштап, ана, эгин талааларына чейин көз алдыңарда!* (Сыдыкбеков). *Жигиттин сугун суктанткан бала, Ырдаган ырын уксаңыз ана* (Осмонов).

◆ **Ана-мына нерселер** — ар түрдүү нерселер, майда-чүйда нерселер. *Ана-мынаны көтөртүп алып барам* (Жантөшев). **Ана-мына сөз** *же* **ана-мына дешүү** — өйдө-төмөн айтылган сөздөр, ар кандай айтылган сөз же өйдө-төмөн айтышып калуу. *Ана-мына деп акылдан адашпайлы*

(Турусбеков). **Ана-мына дегиче** — ары-бери, дароо. *Ана-мына дегиче, Ачып көздү жумгуча, Айлына жетип келгени* («Эр Төштүк»).

АНАКЕЙ *ат.* Тигине, тетигине. *Анакей, келе жатат бир жаш жигит* (Шимеев).

АНАЛИЗ *зат.* Талдоо. *Химиялык анализ. Кандын анализи.*

АНАЛИЗДЕ *этиш.* Талдоо жүргүзүү, талдоо, анализ жасоо.

АНАЛИЗДӨӨ анализде этишинин кыймыл атоочу.

АНАН *такт.* Кийин, андан кийин, дагы. *Анызын үгуп сөзумдун, Анан мени жемелең!* («Эр Табылды»). *Көп болсо, дагы үч ай. Анан Касейин да келет* (Сыдыкбеков).

◆ **Анан калса** — айтылуучу ойду күчөтүү, чыңдоо маанисинде колдонулат. *Бах! Анан калса, кыргыздын жеринин керемети бир укмуш го?!*

АНАР *зат.* 1. Түштүк жактарда өсүүчү мөмө жыгачы, бадал өсүмдүгү. *Жакын арада лимон, мандарин, анар, инжир да Чүй бооруна көчүп келет* (Абдумомунов).

2. Ушул өсүмдүктүн кичине кызыл түстөгү маңызduу майда дан толгон мөмөсү. *Бакчада анар үзүп жүргөн экен Теңкурбу эки кыздын ортосунда* (Үмөталиев).

3. *өт.* Кызыл. *Мен дагы отурамын, жанымда Ажар, Ажардын көзү койгул, бети анар* (Турусбеков).

АНАРДАЙ *сын.* Кыпкызыл, кызарган. *Эки беттин кызылы Эркинге бышкан анардай* («Олжобай менен Кишимжан»).

АНАРХИЗМ *зат.* Бардык мамлекеттик бийликти жана саясий күрөштү тануучу, пролетариаттын революциячыл диктатурасына каршы чыгуучу, пролетардык илимий социализмге кас майда буржуазиячыл реакциялык коомдук-саясий агым.

АНАРХИСТ *зат.* Анархизмди жактоочу.

АНАРХИЯ *зат.* 1. Уюшкан бийликтин, закондордун, жүрүш-туруштун милдеттүү нормаларынын жоктугу менен мүнөздөлгөн коомдун абалы; бийликтин жоктугу, баш аламандык.

2. *өт. сүйл.* Тартипсиздик, иретсиздик, баш аламандык.

АНАТОМИЯ *зат.* Жандуу организмдин формасы жана түзүлүшү жөнүндөгү илим. *Адамдын анатомиясы. Өсүмдүктөрдүн анатомиясы. Адамдын анатомиясынын атласы.*

АНАЧЫ *зат.* 1. Төрөт убагында жардам берүүчү, төрөттө жардамдашуучу аял. *Эки туй албай жатып койго аначы түшүптүр* (макал).

2. Энечи.

АНГИНА *зат.* Тамактын былжырлуу катмарынын сезгенип оорушу.

АНДА *такт.* Ал учурда, ал мезгилде; андай болгондо. *Анда мен жандан тентек ойноо кезим* (Турусбеков). *Анда жигиттин кайратынын жоктугу* (Турусбеков).

Анда-санда — кезек-кезек, кээде. *Анда-санда онтоп, тык-тык жөтөлүп Сансыз жатат* (Жантөшев). **Анда-мында же андан-мындан** — ар кайсы жерге; ар кайсы жерден; бир калыпта эмес, бир беткей эмес. *Анда-мында бир тийип Зыркыратып келатат* («Манас»). *Базарда жүрөт куюндап, Андан-мындан көрүнүп* (Шүкүрбеков).

АНДАЕКИ *мод.* Андай эле, андай болсо. *Менин сөзумө көнбөйт, андаеки атасы келсинчи, көнбөгөнүн көрөйүн.*

АНДАЙ *такт.* Ал сыяктуу, ошол сыяктуу, ошондой. *Андай казан кабылбайт, Адамга мындай табылбайт* («Эр Төштүк»).

◆ **Андай-мындай дегиче** — дароо, тез, ары-бери, ылдам; бир ооз сөз сүйлөшкөнчө. *Ачып көздү жумгуча, Андай-мындай дегиче, Кумурска жайнап жетти эле* («Эр Төштүк»).

АНДЕЛЕК *зат.* Коондун эрте бышуучу бир түрү. *Анделектер дүмбүл болуп калды* (Таштемиров).

АНДЫЗДА *этиш.* Абдан катуу чуркоо, чымын-куюн болуп жүгүрүү. *Ак кой андыздап жүгүрүп орто жолго барып калган* (Жантөшев). *Октон качкан бөкөнгө Андыздап чуркап чөл жакшы* («Мендирман»).

АНДЫЗДАТ андызда этишинин аркылуу мамилеси.

АНДЫЗДОО андызда этишинин кыймыл атоочу.

АНДЫКТАН *байл.* Ошондуктан, ошол себептүү, ошол үчүн. *Андыктан улат эмес, айып эмес Сен өңдүү азаматтын кемтик жери* (Осмонов).

АНЕКДОТ *зат.* 1. Күлкүлүү окуялардын негизинде курулган кыска ангеме.

2. *өт.* Күлөрлүк окуя.

АНЕТ *этиш.* Андай кылуу, ошондой иштөө. — *Кой, анетпе, кемпирим* (Сыдыкбеков).

АНЕТҮҮ анет этишинин кыймыл атоочу.

АНЖЫ: эки анжы болуу *к.* **эки.**

АНЖЫР *зат.* Ысык жерде өсүүчү мөмө жыгачы жана анын жемиши. *Анар, анжыр гүлдөгөн Ошто көп жыл жүргөм мен* (Үмөталиев).

АНИЙ *сырд.* Балдардын «кереги жок», «керек эмес» деген мааниде же көнүлдөнбөгөндүгүн билдирүү претинде айтылуучу сөзү. — *Аний, — деп селтең этти* (Сыдыкбеков).

АНКЕТА *зат.* Белгилүү бир маалыматтар алуу үчүн суроолор жазылган кагаз. *Анкета толтуруу. Анкета кагазы.*

АННЕКСИЯ *зат. саяс.* Бир өлкөнү же анын бир бөлүгүн зордук менен тартып алуу, басып алуу, кошуп алуу.

АННОТАЦИЯ *зат.* Китептин же кол жазманын кыскача мазмуну, мүнөздөмөсү.

АНОНИМ *зат.* 1. Өз атын жашыруучу автор же кат жазган адам.

2. Автору көрсөтүлбөгөн чыгарма, кат.

АНОНИМКА *зат. сүйл.* Аягына кол коюлбаган жана ким тарабынан жазылгандыгы белгисиз болгон кат.

АНСАМБЛЬ *зат.* 1. Кандайдыр бир бүтүндүн бардык бөлүктөрүнүн бири-би-

рине шайкеш келиши; келишимдүү, келбеттүү бирдик. *Архитектуралык ансамбль.*

2. Бириккен бир көркөм чыгармачылык коллектив катарында чыккан артисттердин тобу.

АНТ I *зат.* Өтө катуу берилген убада, шерт, касам.

АНТ II анет менен бирдей.

АНТАГОНИЗМ *зат.* Келишпес карама-каршылык.

АНТАЛА *этиш.* 1. Шашкалактоо, эңтелөө, антаңдоо. *Кээ бирөөлөр ошондо Анталашып качышып* («Эр Төштүк»). *Тоого чапты топтошуп Адырга чыкты анталап* («Манас»).

АНТАЛАҢДА антаңда менен бирдей.

АНТАЛОО антала этишинин кыймыл атоочу.

АНТАҢДА *этиш.* Карбаластоо, калдактап шашып-бушуу. — *Жүр, айланайын, жүр, — деди ал* [*Омор*] *антаңдап сүйлөп* (Байтемиров). *Ары-бери антаңдап Качып жүргөн сен кимсиң?* («Эр Төштүк»).

АНТАҢДАТ антаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АНТАҢДОО антаңда этишинин кыймыл атоочу.

АНТАРКТИДА *зат.* Жер шарынын түштүк полярдык бөлүгү.

АНТЕННА *зат.* Радио толкундарын кармоо жана берүү үчүн ылайыкталган радиолук аппараттарга коюлуучу бөлүк.

АНТИФАШИСТ *зат.* Фашизмге каршы күрөшүүчү, фашизмге каршы күрөштүн катышуучусу.

АНТКЕНИ *байл.* Себеби; сүйлөм менен сүйлөмдүн ортосундагы себептик байланышты көрсөтүү үчүн колдонулат. *Советтик элдер эмгекти сүйөт, анткени эмгек — жашоонун булагы.*

АНТКОР *сын.* 1. Антынан тайган, жалганчы, алдамчы. *Адал тамак жебеген Анткор залим арамы* (Тоголок Молдо).

2. Өзү иштеп коюп билмексен болгон; жалган, калп эле. *Анткор кемпирдин аты Айнагул болчу* (Баялинов). *Анткор сөз. Анткор күлкү.*

АНТКОРДУК *зат.* Билсе да билмексен болгондук, кытмырлык. *Болот мицбашы анткордук менен жылмая күлүмсүрөдү...* (Абдукаримов).

АНТКОРЛОН *этиш.* Анткордук кылуу, анткорсуу, анткорсунуу. *Өз жумушуна келгенде оорубай соо болуп, анткорлоно турган* («Советтик Кыргызстан»).

АНТКОРЛОНТ анткорлон этишинин аркылуу мамилеси.

АНТКОРЛОНУУ анткорлон этишинин кыймыл атоочу.

АНТКОРЛУК анткордук менен бирдей.

АНТКОРСУ *этиш.* Калп эле билмексен болуу, амалданып билбемиш болуу. *Анткорсуган Дөлөндүн Алдоосуна калбаймын* («Курманбек»).

АНТКОРСУН анткорсу менен бирдей.

АНТКОРСУУ анткорсу этишинин кыймыл атоочу.

АНТКОРУ анткор менен бирдей. *Элбес жаш келиндин сырын сезгенсип, анткору күлүп сөзүн жөнөттү* (Сыдыкбеков).

АНТОЛОГИЯ *зат. ад.* Ар түрдүү авторлордун тандамалуу чыгармаларынын, көбүнчө ырларынын жыйнагы. *Кыргыз поэзиясынын антологиясы.*

АНТРАКТ *зат.* Спектаклде көшөгөлөрдүн ортосундагы же концерттин бөлүмдөрүнүн ортосундагы дем алыш.

АНТРОПОЛОГ *зат.* Антропология боюнча специалист.

АНТРОПОЛОГИЯ *зат.* Адамдын биологиялык жаратылышы жөнүндөгү илим.

АНТТАШ *этиш.* Бири-бирине ант берүү, ант беришүү, ант айтышуу. *Эсинен чыгып кеттиби Антташып айткан убада*) «Олжобай менен Кишимжан»).

АНТТАШТЫР антташ этишинин аркылуу мамилеси.

АНТТАШУУ антташ этишинин кыймыл атоочу.

АНТҮҮ анетүү менен бирдей.

АНЧА *такт.* Анчалык. *Өңү да анча серт эмес* (Сыдыкбеков). *Аз күндүк жолдошчулук эки кызды анча сырдаштыра алган эмес* (Сыдыкбеков).

◆ **Анча-мынча** — кичине, бир аз. *Бул жер менен анча-мынча тааныш экен* (Элебаев). **Анча болбой** — аңгыча.

АНЧАЛЫК *такт.* Көп эле, өтө эле; ошончолук. *Канабат станциясы анчалык чоң станция болбосо да, тогуз жолдун тоому* (Жантөшев).

АНЧЕЙИН *такт.* Жөн эле, жөнөкөй эле, тим эле. *Алым анчейин бир көп жомоктун бирин айткансып мостойду* (Жантөшев).

АНЫК *сын.* Чыныгы, талашсыз, шексиз; ачык , даана, айкын. *Токтогул турмушту, аныкчындыкты, чын болгон жана боло турган ишти ырдаган* (Бөкөнбаев). *Ажалдан аныкбаатыр коркмок эмес* (Үмөталиев).

АНЫКТА *этиш.* Ачыгына, даанасына жетүү, айкын кылуу, аныгына жетүү.

АНЫКТАМА *зат.* Бир нерсенин мазмунун кыскача түшүндүрүү; бир нерсеге кыскача берилген түшүнүк.

АНЫКТАТ аныкта этишинин аркылуу мамилеси.

АНЫКТОО аныкта этишинин кыймыл атоочу.

АНЫКТООЧ *зат. грам.* Сүйлөмдө зат-тын же зат маанисиндеги сөздүн сын-сыпатын, белгисин, санын, сапатын билдирүүчү айкындооч мүчө.

АНЫКТЫК *зат.* Чындык, айкындык, аныкэкендик. *Иштин аныктыгына жетемин!* (Сыдыкбеков).

АҢ I *зат.* Суу жеп кеткен, казылган ж. б. чуңкур, аңгек. *Бул жакта көп анчалык аң, суу жеген жарлар жок экен* (Элебаев).

◆ **Аңды-дөңдү карабоо** — алды -артына карабоо, ана-мынаны ойлобоо. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бересиңерби?* (Каралаев).

АҢ II *зат.* Аңчылык кылууга боло турган жапайы айбандардын жалпы аты. *Абийирдүү мергендин, Аткан аңы суласын* (Осмонкул). *Бийик малчылар аң этине карк болушту* (Убукеев).

◆ **Аң уулоо** *же* **аңга чыгуу** — мергенчиликке чыгуу, мергенчилик кылуу. *Нурбай бала кезинде эле аң уулоону жакшы көрүүчү* (Баялинов).

АҢ III: аң-сезим — адамдын ой, мээ аркылуу сезип-туюусу, ой-сезим.

АҢ IV: аң-таң *же* **аң-таң болуу** —таң калуу, айран-таң калуу.

АҢАЗА аңыз II менен бирдей.

АҢГААЛ *сын.* Андабаган, байкабаган, курулай күүлдөгөн. *Мен сыяктуу аңгаал болбо, ар иштин келечегин ойло* (Жантөшев).

АҢГАР *этиш.* Аң-сезими аркылуу билүү, байкап билүү, түшүнүү. *Агаинимди чогултуп, Аңгарып сөзүн көрөйүн* («Манас»).

АҢГАРТ аңгар этишинин аркылуу мамилеси.

АҢГАРУУ аңгар этишинин кыймыл атоочу.

АҢГЕК *зат.* Чуңкур, суу жеген чуңкур. *Ташбай.. аңгекте топон себилген ылайды камырдай жуурат* (Сыдыкбеков).

АҢГЕМЕ *зат.* 1. Кандайдыр бир жаңылык, окуя ж. б. жөнүндө айтылган сөз, сүйлөшүү. [*Кычан*].. *агайынын аңгемесин кунтун коюп укту* (Бейшеналиев). *Акбар саанчылыкка дайындалгандар менен аңгеме өткөрүш үчүн келип отурган эле* (Убукеев).

2. *өт.* Окуя; болгон жаңылык, кабар. *Алмамбет, Сыреак эрдигин Аңгемесин карап ал* («Манас»). *Айылда кандай аңгемелер бар, айта отур.*

3. *ад.* Каармандын турмушундагы кандайдыр бир окуя жөнүндө жазылган анчалык чоң эмес чыгарма.

АҢГЕМЕЛЕ *этиш.* Аңгеме айтуу, аңгеме кылып айтуу, айтып берүү. *Кээлери аңгемелеп сөз баштады* (Абдыраманов).

АҢГЕМЕЛЕШ *этиш.* Сүйлөшүү, маектешүү. *Темиров Ашыр менен көпкө аңгемелешти* (Жантөшев). *Биз аны менен эки сааттан ашуун аңгемелештик* («Советтик Кыргызстан»).

АҢГЕМЕЛЕШТИР аңгемелеш этишинин аркылуу мамилеси.

АҢГЕМЕЛЕШҮҮ аңгемелеш этишинин кыймыл атоочу.

АҢГЕМЕЛӨӨ аңгемеле этишинин кыймыл атоочу.

АҢГИ *зат.* 1. Үйүрү жок айгыр. *Аңгилери алышып, Кубалашат жарышып* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Аркы-беркини карабаган, өйдө-ылдыйды ажыратпай, оюна келгенин айта берген, даалдаган. *Аңги тууган азамат Ак-караны ылгабайт* (Осмонкул).

АҢГЫРА *этиш.* 1. Аңылдап бакыруу, кыйкыруу, өкүрүү, өңгүрөө. *Ал [үй] баягы мөөрөшүнөн жаңылбай, аңгырап жүрүп отурып, үйгө келди* (Убукеев). *Арчатору жаныбар Аңгырап үндү салды эми* («Эр Табылды»).

2. Ээн, бош калуу. *Туш кийиздер тартылып туруучу туш аңгырап ачык турат* (Сыдыкбеков). *Бар көрөнүү—аңгырааган талаада жайылып жаткан кой* (Элебаев).

АҢГЫРОО аңгыра этишинин кыймыл атоочу.

АҢГЫЧА *такт.* Ага чейин, көп узабай, көп убакыт өтпөй, бир аздан соң, ошол учурда. *Аңгыча Кычан.. чоң каалганы чыбыгы менен тыкылдатты* (Бейшеналиев). *Аңгыча чагылган чагылып, кара нөшөр куйду* (Жантөшев).

АҢГЫЧАКТЫ аңгыча менен бирдей.

АҢДА *этиш.* Байкоо, түшүнүү. *Эс токтотуп бир иштн Аңдагыла, балдарай!* (Барпы). *Аңдабай сүйлөгөн оорубай өлөт* (макал).

АҢДАТ аңда этишинин аркылуу мамилеси.

АҢДОО аңда этишинин кыймыл атоочу.

АҢДООСТОН *такт.* Күтпөгөн жерден, байкосуздан. *Аңдоостон куп гана келген экемин э?!* («Советтик Кыргызстан»).

АҢДУУ аңды этишинин кыймыл атоочу.

АҢДЫ *этиш.* Акмалап байкоо, кылган иштерин, жүргөн-турганын ж. б. байкап жүрүү. *Элеман уулу Төштүккө Аңдып жүргөн душман көп, ата* («Эр Төштүк»). *Качып кетүүнү ойлошту эле, Кудайназар аңдып качырбады* (Жантөшев).

АҢДЫШ аңды этишинин кош мамилеси.

АҢКА *этиш.* 1. Абдан суусоо, чанкоо. *Эл гана эмес, аңкаган Жердин баарын баккан суу* (Тоголок Молдо).

2. Энсөө, самоо. *Эй, кымбат туугап жерим, атам-энем, Арыштап алыс жерден аңкап келем* (Абдыраманов).

АҢКАЙ *этиш.* 1. Өтө чоң ачылуу, ачык абалда болуу. *Эшиги аңкайып ачык.*

2. Оозун ачып карап калуу, таң калган же эмне кыларын билбей калган абалда болуу. *Муну уккан келиндер аңкайып калышкан.* (Сыдыкбеков).

АҢКАЙТ аңкай этишинин аркылуу мамилеси.

АҢКАЮУ аңкай этишинин кыймыл атоочу.

АҢКИЛДЕ *этиш.* Анда-мында бир тийип, куланып кетүү. [*Торпок*].. *кашмишиси менен аңкилдеп кетти* (Алы).

АҢКИЛДЕК: аңкилдек атуу — анда-мында бир тийип кулоо, томолонуу. *Кайло уурчукка тийип, көмүр шагылына урунуп аңкилдек атты* (Сасыкбаев).

АҢКИЛДЕТ аңкилде этишинин аркылуу мамилеси.

АҢКИЛДИК *туурасы*: **аңкилдек.**

АҢКИЛДӨӨ аңкилде этишинин кыймыл атоочу.

АҢКОО *сын.* Эң эле момун, эң эле жоош, куулук-шумдукту эч билбеген; аркы-беркини көп байкабаган. *Агасы кайда, эл кайда, Аңкоо Төштүк билеби* («Эр Төштүк»).

АҢКООЛОН *этиш.* Аңкоо, билбеген сыяктанып калуу, аңкоо сыяктануу, аңкоолук кылуу.

АҢКООЛОНУУ аңкоолон этишинин кыймыл атоочу.

АҢКООЛУК *зат.* Эң эле момундук, аркы-беркини билбегендик, байкас албагандык. *Зерек болгун ар качан, Кимге керек аңкоолук* (Үмөталиев). *Аңкоолук кылып алдырдым* («Семетей»).

АҢКООСУ аңкоосун менен бирдей.

АҢКООСУН *этиш.* Аңкоо сыяктануу, аңкоолонуу. *Аңкоосунбай эле кой жигит* (Убукеев).

АҢКООСУНУУ аңкоосун этишинин кыймыл атоочу.

АҢКУШ *зат.* Чыркылдак, чыркылдап чыккан үн (мис., суур жөнүндө).

АҢКУШТА *этиш.* Чыркылдаган үн чыгаруу. *Ийиндин оозунда аңкуштаган семиз кызыл суурду Токтогул көрө койду* (Аалы).

АҢКУШТОО аңкушта этишинин кыймыл атоочу.

АҢКЫ *этиш.* Жагымдуу жыт буркуроо. *Туш-тарап көк жалбырак, аңкыган гүл* (Аалы).

АҢКЫЙ *этиш.* 1. Аңкаюу, таң калуу, делдейүү. *Мен аңкыйып [Динардын] оозун карап калыпмын* (Сыдыкбеков).

2. Ээң болуу, бош калуу. *Журттардын бардыгы айылсыз аңкыйып жатат* (Жантөшев).

АҢКЫЛДА *этиш.* 1. Катуу үрүү, кулакты тажата үрө берүү:. *Байдын дөбөтү өткөн-кеткенге жөнү жок чле аңкылдап үрө бере турган короочу ит эле* (Убукеев).

2. *өт.* Катуу үн чыгаруу; болбогон бир нерсени катуу-катуу кайталап айта берүү.

АҢКЫЛДАК *сын.* Аңкылдаган, аңкылдап сүйлөй берген. *Ачуусу чукул аңкылдак Кез келбесин багыңа* (Калык).

АҢКЫЛДАТ аңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

АҢКЫЛДОО аңкылда этишинин кыймыл атоочу.

АҢКЫТ аңкы этишинин аркылуу мамилеси.

АҢКЫЮУ аңкый этишинин кыймыл атоочу.

АҢСА *этиш.* 1. Аңкоо, чаңкоо, суусоо. *Искендер аңсап жутарында Черик чыгат* (Турусбеков).

2. *өт.* Эңсөө, самоо, дегдөө. *Алыстан аңсап жүргөн агаң келди* (Шимеев). *Аңсаганы Алымдан кат келиши Анархан менен Дарыяхай үчүн эбегейсиз кубаныч болду* (Жантөшев).

АҢСАТ аңса этишинин аркылуу мамилеси.

АҢСОО аңса этишинин кыймыл атоочу.

АҢТАР *этиш.* 1. Экинчи жагына оодаруу, оодара салуу, экинчи жагына каратуу, сыртын каратуу.

2. Издөө, кароо, караштыруу, тинтүү. *Аялдардын түйүнчөктөрүн аңтарып жүргөн немецтерди көрүп, Лиза ого бетер ызыркынды* (Бөкөнбаев).

3. Коңторуу, көңтөрүү. *Трактор минип жер айдап, Дыңды аңтарып таштагын* (Осмонкул).

АҢТАРА *такт.* Тескери жагынан, ичин сыртына келтирип.

АҢТАРТ аңтар этишинин аркылуу мамилеси.

АҢТАРУУ аңтар этишинин кыймыл атоочу.

АҢТАРЫЛ аңтар этишинин туюк мамилеси.

АҢЧЫ *зат.* Аң уулоочу, уучу; мергенчи. *Алайын деген аңчы алыстан көрөт* (макал). *Аңчы болгон кишиге Алгыр тайган, куш жакшы* (Токтогул).

АҢЧЫЛЫК *зат.* Аң уулоочулук, аң уулоо кесиби; мергенчилик. *Арстанбек аңчылыктын жайын, тартибин балдарга айта да коюучу* (Мидин). *Жаш кар аңчылык үчүн абдан ыңгайлуу* (Каимов).

АҢШАЙ *этиш.* Көбүнесе карып, тиши түшкөн көрүнүштө болуу.

АҢЫЗ I *зат.* Эгинин жыйнап алгандан кийинки жер. *Кыштактын балдары аңыз койбой кыдырып, машак терип, буудай жыйнашат* (Баялинов).

АҢЫЗ II *зат.* Кызыктыруучу, эңсетүүчү имиш сөз, эл оозуна алынып кеткен сөз. *Анын үстүнө кулунунун тооруктуу болушу элге да аңыз сөз болор эле* (Аалы). *Көкөтөйдүн ашы—деп, Аңыз кылып келген жан* («Манас»).

АҢЫЛДА *этиш.* 1. Катуу кыйкыруу. *Аңылдап ыйлады. Аңылдап ырдады.*

2. Ээн, бош калуу, ачык туруу. *Үй аңылдап ээн турат.*

3. Ачык-айрым сүйлөө, ачык болуу, ичине эч нерсе сактабай, жашырбай айтуу, даалдап жүрүү. *Аңылдаган киши.*

АҢЫЛДАК *сын.* Ичине сыр сактабаган, аркы-беркини баамдабай сүйлөгөн, даалдак.

АҢЫЛДАТ аңылда этишинин аркылуу мамилеси.

АҢЫЛДОО аңылда этишинин кыймыл атоочу.

АҢЫР I *зат.* Күрөң түстүү, көбүнчө башы кызыл, өрдөккө окшош жапайы канаттуу. *Ак чардакка кошулуп, Аңырлар учат аңкылдап* (Тоголок Молдо).

АҢЫР II *этиш.* Таң калуу, аң-таң калуу, оозун ачып делдейип калуу. *Аламын деген Култебер Аңырып карап калды эми* («Мендирман»).

АҢЫРАЙ *этиш.* 1. Арасы чоң ачылып туруу, оңурайып көрүнүү. *Те жогорку жакта аңырайып турган коктунун оозунан бери чубап чыккан аттуу-жөөлүүлөр кыштакка карай агыла берди* (Сыдыкбеков).

2. Аңкаюу, таң калгандыктан оозун ачып калуу, делдейүү. *Көсөл ага таң калгандай аңырая карап жоop берди* (Каимов).

АҢЫРАҢКАЙ *сын.* Аңырайган, арасы абдан ачык, кең.

АҢЫРАҢДА *этиш.* 1. Жулунган, күпүлдөгөн көрүнүштө болуу (көбүнчө кең таноолуу, мурду келтегирээк кишилер жөнүндө). — *Чыгарамын! — деп далдалчы аял аңыраңдап атырыла баштады* (Жантөшев).

АҢЫРАҢДАТ аңыранда этишинин аркылуу мамилеси.

АҢЫРАҢДОО аңыранда этишинин кыймыл атоочу.

АҢЫРТ *зат.* Дейт-дейт, имиш-имиш сөздөр. *Аңырттын айыл арасына жайылганына бир жумача болуп калган* (Жантөшев).

АОРТА *зат. анат.* Жүрөктүн сол карынчасынан башталып, денеге тазаланган кызыл канды таратуучу денедеги кан түтүктөрүнүн эң зору.

АПА *зат.* 1. Баланын энеси (көбүнчө баласы энесине карата колдонуучу сөз). *Кол кабыш кылып, калың эл, Кор кылба карган апамы* (Токтогул). *Мен апамды тез сагынчумун* (Аалы).

2. Жалпы эле улгайган аялдарга карата кичүү адамдар тарабынан кайрылуу иретинде айтылуучу сөз.

АПАЙ I *зат.* Өзүнөн улуу аялдарга карата эже, эжеке деген мааниде колдонулуучу сөз. *—Машина да жолдон чыкчу беле, апай, — деди Акия озунуп* (Сыдыкбеков).

АПАЙ II: *сын.* Айдөш, айдөшүрөөк келген. *Апай бетте чуркап Динар далайга гул терди* (Сыдыкбеков). --

АПАКАЙ *сын.* 1. Аппак, таза. *Апакай кичине тамдар* («Советтик Кыргызстан»).

2. Татынакай, жакшынакай (көбүнчө кичинекей балдарга карата айтылат). *Ушул Мыскал апакай, татынакай эле* (Сыдыкбеков).

АПАН: апан-тапан — эпсиз, эби жок, олжогой, кеби-сыны жок. *Апан-тапан, жаман чапан, ийри комуз, чолпон жылдыз.* (Табышмак, жандырмагы — төө).

АПАППАК *сын.* Өтө ак, эң эле ак.

АПАП *сырд.* Апаптоодо колдонулуучу сөз.

АПАПТА *этиш.* Бала корккондо оозун ачтырып, сөөмөйү менен таңдайын кичине-кичинеден көтөрүп коюу. *Каныбектин оозуна сөөмөйун салып апаптады* (Жантөшев).

АПАПТАТ апапта этишинин аркылуу мамилеси.

АПАПТОО апапта этишинин кыймыл атоочу.

АПАР алпар менен бирдей.

АПАТ *зат.* Кырсык, табият күчтөрүнүн натыйжасында чыккан оор абал. *Эчен ат, төө, эшек апатка учураган* (Жантөшев).

АПЕЙ *сырд.* 1. Чочуганда, уялганда ж. б. айтылуучу сөз. *— Апей, сиз ким элеңиз?*

АПЕЛЛЯЦИЯ *зат. юр.* Соттун чечими жөнүндө жогорку соттук инстанцияга даттануу.

АПЕЛЬСИН *зат.* 1. Түштүк жакта өсүүчү дайыма көгөрүп туруучу жыгач.

2. Ушул жыгачтын кызгылт сары түстөгү бодуракай кабыгы бар ширелүү мөмөсү.

АПЕНДЕ апенди менен бирдей.

АПЕНДИ *сын.* Аңкоо, аңкоороок. *Өмүрдө апенди чалыш мүнөз бар* (Сыдыкбеков).

АПИЙ апей менен бирдей.

АПИЙИМ *зат.* 1. Узун сабактуу дарыдармек өсүмдүгү. *Көл бойлото апийим бар жайнаган, Гүлү коош кыздар сайган саймадан* (Осмонкул).

2. Ушул өсүмдүктүн башы ката электе тилингенден чыккан сүтүнөн кырып алынган дарылык үчүн колдонулуучу маңызы.

АПИЙИМЧИ *зат.* 1. Апийим жечү, ичүүчү киши.

2. *сүйл.* Апийим өстүргөн, апийимде иштеген киши.

АПҚААРУУ апкаары этишинин кыймыл атоочу.

АПҚААРЫ *этиш.* Корккондо, сүрдөгөндө, шашылганда эмне кыларын билбей калуу, эмне кыларын билбей, сүйлөй албай калуу, аптыгуу. *Бир топко чейин апкаарып барып сүйлөдү* (Абдумомунов).

АПҚААРЫТ апкаары этишинин аркылуу мамилеси.

АПҚЕЧ *зат.* Эки башына эки чака илип ийинге салып суу алууга ылайыкталган суу көтөргүч. *Апкеч алып сууга бар деп жумшадың* (Турусбеков).

АПҚЫТ *зат.* Бут кийимдин согончокко туура келген арткы катуу бөлүгү. *Апкыт кагып тура калды Ылдам артка секирип* (Аалы).

АПОРТ *зат.* Кечирээк жетилүүчү, сактоого боло турган, мөмөлөрү чоң-чоң алманын сорту. *Күзүндө чыныдай.. апорттор топ-топ түшүп турбаса мага кел, — деди* (Сыдыкбеков).

АППАК *сын.* 1. Абдан, өтө ак. *Тилекматым аппак сакал абышка, Саман жыл нап ал да кошо кириптир* (Маликов).

2. *өт.* Ак, күнөөсүз. *Биринчи жолу биз жаткан Шейшептей аппак бойдонмун* (Үмөталиев).

АППАРАТ *зат.* 1. Кандайдыр бир иште колдонуу үчүн ылайыкталган прибор. *Телефон аппараты. Фотография аппараты.*

2. Башкаруу же чарба ишинин белгилүү бир тармагын тейлөөчү мекемелердин жыйындысы жана ушул мекемелерде иштеген кызматкерлер.

АППЕНДИЦИТ *зат.* Сокур ичегинин оорушу.

АППЕТИТ *зат.* Тамакка көңүлү чабуучулук, тамакка пейли тартуучулук. *Алмастын аппетити жоголуп, тамак ичпей калды* («Ден соолук»).

АПРЕЛЬ *зат.* Жылдын төртүнчү айы.

АПСАЙ *этиш.* Чач, сакал, мурут калың болуп өсүп кетүү, калың түк басуу. *Апсайган картаң чал менен кантип күн өткөрүүгө болот?* (Абдукаримов).

АПСАЙТ апсай этишинин аркылуу мамилеси.

АПСАҢ: апсаң-апсаң этүү — апсайган кебетеси менен олдоксон, ыгы-жөнү жок көрүнүштө болуу.

АПСАҢДА *этиш.* Апсаң-апсаң этүү.

АПСАҢДАТ апсаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АПСАҢДОО апсаңда этишинин кыймыл атоочу.

АПСИ *туурасы:* **напси.**

АПСЫЙ апсай менен бирдей.

АПТА *зат.* Бир жума, жети күн. *Өзгөчө эгин жыйын келгенде аптасы менен үй бетин көрбөй,.. эгин төгүп станцияда жүрчүбүз* (Айтматов).

АПТАБА *зат. диал.* Колго суу куюучу узун моюндуу жез кумган, чайнек. *Аптабига суу көтөрүп бай колуна суу куйганы [жигиттердин бири] өргөөгө кирет* (Сыдыкбеков).

АПТАМА аптаба менен бирдей.

АПТАП *зат.* Ысык илеп, күндүн илеби, ысык тап. *Кеч кирип келе жатканы менен, күндүн аптабы али кайта элек* (Айтматов).

АПТАПТУУ *сын.* Аптабы бар, илептүү, ысык.

АПТАРЫЙКА *зат. сүйл.* Авторитет.

АПТАРЫЯТ *зат. сүйл.* Авторитет.

АПТЕКА *зат.* Рецепт боюнча дарыдармек даярдай турган жана дары-дармек сата турган мекеме.

АПТЕЧКА *зат.* Биринчи жардам көрсөтүү үчүн колдонулуучу дарылардын жыйындысы жана ушундай дарылардын жыйындысы бар шкафча, коробка. *Жол аптечкасы.*

АПТЫЕК *зат. тар.* Курандын жетинчи бөлүгү, революцияга чейинки эски мектептерде окуу-жазууга үйрөтүүчү окуу куралы катарында колдонулган китеп.

АПТОО *диал.* **аптап** менен бирдей.

АПТЫГУУ аятык этишинин кыймыл атоочу.

АПТЫК *этиш.* Сүйлөгөндө, тамактанганда шашылган, эптиккен, эркин дем ала албай калган сыяктуу абалда болуу. *Токтокан кардыккан үнү менен кайрадан аптыгып сүйлөй баштады* («Ала-Тоо»). *Шашып аптыккан Акийма, мылтыгын алып атууну оюна да келтирген жок* (Жантөшев). *Медведев майлуу [тамактан] аптыга бир сугунду* (Жантөшев).

АПТЫКТЫР аптык этишинин аркылуу мамилеси.

АПЧУУ апчы этишинин кыймыл атоочу.

АПЧЫ *этиш.* Чапчуу, аткуу. *Токтогул селт дей түшүп, эки колу менен апчый кармады* (Аалы). *Бек апчып билет салган төш чөнтөгүн, Жаш баатыр жыгылыптыр ушул жерге* (Үмөталиев).

АПЧЫТ апчы этишинин аркылуу мамилеси.

АПЫЛ: апыл-тапыл — тез, ылдам, шапа-шупа. *Апыл-тапыл калыпып, Аттанды колдун баарысы* (Тоголок Молдо).

АПЫЛДА *этиш.* 1. Токтоно албоо, алып учуу, алең-желең болуу. *Жүрөгүм токтоно албай, апылдады* («Советтик Кыргызстан»).

2. Мактанып, опуруп-жапырып сүйлөө. *Апылдайсың дайны жок, Аңтара салчу сен эмес!* (Осмонкул).

АПЫЛДАТ *этиш.* Чоң-чоң сугунуу. *Апылдатып ашады.*

АПЫЛДОО апылда этишинин кыймыл атоочу.

АПЫРАҢДА *этиш.* Бапыраңдаган, карбаластаган аракетте болуу; ушундай кебетеде сүйлөө. *Апыраңдап болбойсуң, Же, арак,.. ичкен массыңбы?* (Калык).

АПЫРАҢДАТ апыранда этишинин аркылуу мамилеси.

АПЫРАҢДОО апыранда этишинин кыймыл атоочу.

АПЫРТ *этиш.* Ашырып сүйлөө, кошуп күчөтүп сүйлөө, чыныгы болгон абалынан, чыныгы көрүнүшүнөн ашырып жиберүү. *Темир да апыртып айтып мактанбады* (Сыдыкбеков). *Омор апырта сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

АПЫРТМА *зат.* Апыртылып, кошулуп айтылган сөз. *Кечиргиле, жолдоштор, Апыртма болсо сөзүмдө* (Шүкүрбеков).

АПЫРТМАЛУУ *сын.* Апыртмасы бар, ашырып айтылган. *Апыртмалуу адамга Алыстан чыккан чаң жакшы* («Мендирман»).

АПЫРТУУ апырт этишинин кыймыл атоочу.

АПЫРЫК: апырык-сапырык *же* **апырык менен сапырык** — опур-топур чачылган, ополоң-тополоң таштап жыйылбаган. *Өтүкчүнүн үйү—апырык менен сапырык* (макал).

АПЫРЫЛТ апырт менен бирдей.

АР I *зат.* Намыс, уят. *Багы болсо жигиттин, Ары болсун жигиттин* (Турусбеков). *Ак буудай септик, пахта эктик, Ар көрдүк бекер жатканды* (Турусбеков).

◆ **Ары жок** —1) уятсыз, уяты жок, намысы жок. *Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу* (макал); 2) колунан келбесе да жулуна берген; көйрөң (адам жөнүндө). *Айылды өзүң билгенсип, Ары жок кандай баласың..* («Эр Табылды»).

АР II *ат.* 1. Заттын жекелигин аныктоо катарында колдонулат. *Ар күнү жүзүң көрсөм дейм, Алыссың, кандай кылмын* (Маликов). *Арстан Манас баатырдын Ар мүчөсү башкача* («Манас»).

2. Аныктама ат атоочту уюштурат. *Ар ким. Ар кайсы. Ар бир.*

3. Тактоочту уюштурат. *Ар качан. Ар кайда.*

АРА *зат.* 1. Ортодогу аралык, бош жер, боштук. *[Тегерек-Суу].. эки асканын арасы менен жайыла жылма агып, күрпүлдөгөн үнүн.. жашыргансыйт* (Жантөшев). *Күмүш канат күндүк эле жол кылды Москва менен Фрунзенин арасын* (Аалы).

2. Бир мезгил менен экинчи мезгилдин ортосу. *Антип-минтип арадан эки күн өттү* (Жантөшев).

3. Ортодогу мамиле, катнаш, байланыш. *Андай бузук адамдар, Агайинден жат кылып, Бузуп коёт араңды* (Токтогул). *Ажырып барат арабыз, Келишкен конке жетс албай* (Тоголок Молдо).

4. Убакыча жетпеген, маалына жетпей туулган. *Ара козу. Ара төрөлгөн бала.*

5. Айлана, жакын жер, аралык. *Бул араны Нурбай такыр көрбөгөн* (Аалы).

◆ **Өз ара** *к.* **өз. Тез арада** *же* **жакын арада** — аз убакытта, аз убакыттын ичинде. **Ара күндүк** — жолго конуп жете турган. **Ара конуу** *к.* **кон. Ара чолодо** *к.* **чоло. Ара жолдо калуу** *к.* **жол. Чек ара** *к.* **чек. Ара бөк** — же ары жакта эмес,

же бери жакта эмес, орто жерде, абалы ачык эмес. *Чоң тору ат экөөбүз.. кара жолдо ара бөк келатабыз..* (Сыдыкбеков). **Кол арага жарап калуу** — майда-чүйдө иштерге жардамдашууга жарап калуу.

АРАА *зат.* Жыгачты, металлды кесүү үчүн колдонулуучу курч темирден жасалган тиштүү аспап же диск. [*Капитан*] *Каныбектер менен алгоолошуп араа тартыша баштады* (Жантөшев).

АРААЛА *этиш.* Араа менен кесүү, тааруу. *Отун араалады. Араалап кестик.*

АРААЛАТ араала этишинин аркылуу мамилеси.

АРААЛАШ араала этишинин кош мамилеси.

АРААЛОО араала этишинин кыймыл атоочу.

АРААН: оозун араандай ачуу — оозду абдан кең ачуу. *Астындагы көк тулпар, Араандай оозу ачылып* («Манас»). **Арааны ачылуу** — кулкуну ачылуу, ач көздөнүү. **Арааны жүрүү** — иши оңолуу, иши көңүлдөгүдөй жүрүү, бийлиги жүрүп туруу.

АРАБА *зат.* Жүк ташууга арналган эки же төрт дөңгөлөктүү транспорт каражаты. *Жаз — арабаңды шайла, кыш— чанаңды шайла* (макал).

АРАБАКЕЧ *зат.* Араба айдоочу киши. *Арабакеч аны Айшанын үйүнө алып келип түшүрдү* (Баялинов).

АРАБАЧЫ арабакеч менен бирдей.

АРАЗ *сын.* Татуу эмес, чатак. *Биз аразбыз.*

АРАЗДАШ *этиш.* Чатакташуу, талашып-тартышуу, мамилеси, ынтымагы бузулуу. [*Кулбаштын*].. *бай менен же анын урук-туугандары менен араздашып калышын Салимбай жактырчу эмес* (Абдукаримов).

АРАЗДАШУУ араздаш этишинин кыймыл атоочу.

АРАК *зат.* Алкоголдук ичкилик, мас кыла турган ичимдик. *Терменин башы арактан Айланып кетсин тамактан* (Шүкүрбеков).

АРАКЕТ *зат.* Бир нерсени иштөөгө жасалган кыймыл, амал, айла, даярдык, кам. *Аракет кылсаң — берекет* (макал).

АРАКЕТТЕН *этиш.* Аракет жасоо, аракет кылуу. *Кычан атасын колунан тартып, өйдө тургузууга аракеттенди* (Бейшеналиев).

АРАКЕТТЕНҮҮ аракеттен этишинин кыймыл атоочу.

АРАКЕТТҮҮ *сын.* Аракеттенгич, ишмер, ишкер, бир ишти тез өздештүрүүгө умтулган. *Мына бул кол жаралган Аракеттүү эл үчүн* (Аалы).

АРАКЕЧ *сын.* Ичкиликке берилген, ичкиликти сүйгөн, пиянкеч.

АРАКЕЧТИК *зат.* Ичкиликке берилгендик.

АРАКОР аракеч менен бирдей.

АРАЛ *зат.* Бардык тарабы суу менен курчалган кургактыктын бир бөлүгү. *Сахалин аралы. Куриль аралдары.*

◆ **Жарым арал** — үч тарабы суугa кирип, бир тарабы гана материк менен байланышып турган кургактыктын бөлүгү. **Эки суунун аралы** — эки бөлүнүп аккан суунун ортосундагы кургак жер.

АРАЛА *этиш.* 1. Арасында, ичинде жүрүү, кыдыруу. *Токойду аралап киргенде машке.. из чала баштады* (Каимов). *Кокту, колот, сайларды Аралады карт Бакай* («Семетей»).

2. Арасынан өтүү, басып өтүү. *Кыйры жок деңиз аралап, Нурланасың, алтын ай* (Аалы). *Кыштакты аралап көк кашка суу атырылат* (Сыдыкбеков).

3. Арасында пайда болуу. *Селкилдеген сакалын Ак аралап алыптыр* («Манас»).

АРАЛАТ арала этишинин аркылуу мамилеси.

АРАЛАШ I *сын.* Кошулган, бир гана түрдө эмес, чогуу, бирге. *Кулку аралаш дуулдаган үндөр чыгат* (Жантөшев). *Ала кар менен аралаш, Эгинди эрте айдаган* (Тоголок Молдо).

АРАЛАШ II *этиш.* 1. Биригип, кошулуп кетүү. [*Кырмандын четинде*] *учкуну менен аралашып, буудайдын азыраак чары чогулбай жатат* (Жантөшев).

2. Кириштүү, катышуу. *Эми Акман кепке аралашып, мурункуну жактап койду* (Сыдыкбеков).

АРАЛАШТЫР аралаш этишинин аркылуу мамилеси.

АРАЛАШУУ аралаш этишинин кыймыл атоочу.

АРАЛЖЫ *зат.* Арадагы себепчи, ортодо, ордуна колдонулуучу; арачы. *Курмандын жарыш сөзгө чыга келиши өз ара дуу-дуу сөздөрдүн тыйыла калышына аралжы болду* (Убукеев). *Мамат ортого аралжы болду* («Ала-Тоо»).

АРАЛОО арала этишинин кыймыл атоочу.

АРАЛЫК *зат.* Эки ортодогу алыстык, эки персенин ортосу. *Тегирмен менен кыштактын аралыгы канча болду экен?* (Сыдыкбеков). *Аралыгын жумшартып, Калың жерин суулатасың* (Үмөталиев).

◆ **Эл аралык** — элдердин, мамлекеттердин ортосундагы байланышка таандык. *Эл аралык саясат. Эл аралык обзор. Элдердин эл аралык тилектештиги.*

АРАМ *сын.* 1. *дин.* Шарыят жолуна туура эмес, жешке, пайдалануугa жарабаган, адал эмес. *Молдо көп болсо, кой арам өлөт* (макал). *Эшектин күчү адал, сүтү арам* (макал).

2. *өт.* Бузук, кара ниет, арамза. *Кими адал, ким арам, Тексер, калпаларың байкайын* (Токтогул).

3. Жакын көрүп же эркелетип айтуу үчүн колдонулат. — *Окжеттес! — О, арам и - ит! Мени жалгыз таштап алып кетпе - е!* (Сыдыкбеков). *Ырдап бер, жаман арам!* (Сыдыкбеков).

◆ **Арам кан** — каны башка, өз тукуму эмес. **Арам чөп** — отоо чөп, зыяндуу чөптөр. **Арам тер** — куру убарачылыкты, аракеттин текке кеткендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Айчүрөктү алам деп,*

Сени кыстап турат арам тер («Семетей»).

АРАМДА *этиш.* Булгоо, ыпылас кылуу, арам кылуу.

АРАМДОО арамда этишинин кыймыл атоочу.

АРАМДЫК *зат.* Жаман ниет, кара ниеттик, бузукулук, арам ойлуулук. *Анын арамдык менен отурганын Анархан сезген жок* (Жантөшев). *Көңүлүңө эч арамдык албагын, Соке!* (Сыдыкбеков).

АРАМЗА *сын.* Жаман ойлуу, кара ниеттүү, ичи бузук, ак ниеттүү эмес. *Тулпардын изи жоголбойт, арамзанын иши оңолбойт* (макал). *Арамза — алтоо, акыл — жетөө* (макал).

АРАМЗААДА арамза менен бирдей.

АРАМЗАЛАН *этиш.* Арамзалык кылуу, арамза ойлоо, билмексен болуп арамза иш кылуу.

АРАМЗАЛАНУУ арамзалан этишинин кыймыл атоочу.

АРАМЗАЛЫК *зат.* Жаман ойлуулук, кара ниеттүүлүк, ичи бузуктук. *Мансурдун шойкөдөдүү митаам көзү арамзалык менен кулчулдөгөндөй болду* (Абдукаримов).

АРАМПӨӨШ *сын.* Сасык ойлуу, кытмыр ойлуу.

АРАҢ *такп.* Зорго; кыйналып-кысталып, эптеп-септеп. *Мерген эртеси күнү төшөгүнөн араң турду* (Сыдыкбеков). *Өлдүм-талдым дегенде, Көкдөө араң кутулуп, Шаарын казан басыптыр* («Эр Төштүк»).

◆ **Араңдан зорго** *же* **араң дегенде** — зорго-зорго, эптеп-септеп, кыйналып-кысталып. *Араң здрго соолукту* (Осмонкул). [*Зарыл*].. *араң дегенде Гүлнар турган.. ташка жетти* (Сыдыкбеков). **Араң жан** — эң эле алсыз, күчсүз. [*Сатылган*] .. *абдан начар. Араң жан үнү менен саал козголуп койду* (Аалы).

АРАЧА *зат.* Урушуп же чатакташып жаткан кишилерди ажыратуу максатында болгон аракет, ушундай максатта айтылуучу сөз. *Арача, эрлер, арача, Арачага көнбөсөң, Акыры болор тамаша* («Сейтек»).

АРАЧАЛА *этиш.* 1. Урушкан, чатакташкан кишилерди ажыратуу. *Агача менен Карлыгач Арачалап жүрүшөт, Арасына барышып* («Эр Табылды»).

2. Бөлүп калуу, ажыратып же куткарып калуу. *Бул көрүнүш баланы коркунучтан арачалап калгандай туюлду* (Аалы).

АРАЧАЛАТ арачала этишинин аркылуу мамилеси.

АРАЧАЛАШ арачала этишинин кош мамилеси.

АРАЧАЛОО арачала этишинин кыймыл атоочу.

АРАЧАЧЫ *зат.* Урушкан кишилерди ажыратуучу, урушкандардын арасына түшүүчү киши. *Арачачыга алты таяк* (макал).

АРАЧЫ *зат.* 1. Чатакташып, урушуп калгандардын, сүйлөшмөкчү болгон эки тараптын ортосунда жүрүүчү киши. *Эки аял таарынышып калса, арачы болуу Сулайканын көптөн берки кесиби* (Жантөшев).

2. **Арачачы** менен бирдей.

АРАШАН *зат.* Жылуу, ысык суу чыккан булак, дарылык касиети бар булак. *Аралап жердин жүрөгүн Оргуштап кайнайт арашан* (Аалы).

АРБА I *этиш.* 1. Сыйкырдоо, дубалоо. *Жылан торгойду арбады.*

2. Көңүлүн өзүнө буруу, өзүнө тартып алуу, азгыруу, айтканына көндүрүү. «*Арсар күү» Атайды арбап кетти, ал Эркесарыдан карыш жылбай имерчиктеп калды* (Каимов).

АРБА II *зат. диал.* Учурашканда айтылуучу сөз. — *Арбаңыз, энеке! — Бар бол, садагаң! — деп, Баалкан Жолойдун эки бетинен өптү* (Жантөшев).

АРБАГАЙ *сын.* Арбайган, тарбагай. *Аары, аары, арбагай, Аягы бар тарбагай* (Осмонов).

АРБАЙ I арбак менен бирдей.

АРБАЙ II *этиш.* Тарбайган көрүнүштө болуу, тартайган абалда болуу. *Карып дөңгөчтүн арбайган бутактарын теше менен чапты* (Абдукаримов). *Кубарган арык колдун шадылары Арбайып аркы-терки кыбырады* (Аалы).

АРБАЙТ арбай этишинин аркылуу мамилеси.

АРБАК *зат.* 1. Мифологиялык жана диний көз караш боюнча: өлгөндөн кийин да жакындарын колдоп, же көзгө көрүнүп жүрө бере турган сөлөкөт, элес. *Тирүүдө өзүм, өлгөндө арбагым ыраазы* (Сыдыкбеков). *Анын кебетеси көрдөн чыгып, кепинин жамынып олтурган арбак сыяктанды* (Аалы).

2. *өт.* Атак, даңк. *Атагы чыккан ааламга, Арбагы кеткен далайга О, ботом, эриң эсен жатабы?* («Сейтек»).

АРБАҢ: арбаң-арбаң этүү — арбайган, тарбаңдаган көрүнүштө, абалда, кыймылда болуу.

АРБАҢДА *этиш.* Арбаң-арбаң этүү, тарбаңдоо. *Алтыбай качты арбаңдап, Айласы кетип дардаңдап* («Эр Табылды»).

АРБАҢДАТ арбаңда этишинин аркылуу мамилеси.

АРБАҢДОО арбаңда этишинин кыймыл атоочу.

АРБАШ арба этишинин кош мамилеси.

АРБОО арба этишинин кыймыл атоочу.

АРБУУ арбы этишинин кыймыл атоочу.

АРБЫ *этиш.* Көбөйүү, көп болуу; өртылуу, күчөө. *Каз-өрдөк койдой жайылып, Канаттуу кушуң арбысын!* (Маликов). *Жумуш арбыбай* [*Сапарлар*] *кыйналып жатышты* (Сасыкбаев).

АРБЫН *сын.* Көп, мол; ашыгы менен. *Планды арбын орундатуу. Баккан коюн көбөйтүп, Киреше арбын кошо алган* (Үсөнбаев). *Алыска сапар жүрөбүз, Азыгын арбын камдасын* («Манас»).

АРБЫТ арбы этишинин аркылуу мамилеси.

АРГА *зат.* Айла, амал, ылаажы. *Жакын досум Канчоро, Бербей турган аргаң жок* («Семетей»).

АРГАМЖЫ *зат.* Бир нерсени байлоого, таңууга арналган кичирээк аркан, жип.

Эрмек эшегине отун артып, Аргамжысын бек тартты (Борбугулов).

АРГАМЖЫЛА *этиш.* Аргамжы менен байлап коюу. [*Кунанды*].. *от жерге аргамжылап коюп, уйларды жөө тосмолойт* (Бейшеналиев).

АРГАМЖЫЛАН аргамжыла этишинин өздүк мамилеси.

АРГАМЖЫЛАТ аргамжыла этишинин аркылуу мамилеси.

АРГАМЖЫЛОО аргамжыла этишинин кыймыл атоочу.

АРГАСЫЗ *сын.* Амалы жок, айласыз, амалсыз. *Отургандарды аргасыз күлдүрдү* (Сыдыкбеков). *Гүлайым жашырбай баарын айтып берүүгө аргасыз болду* (Абдукаримов).

АРГАСЫЗДАН *такт.* Амалсыз, айласыз, амалсыздан. *Аргасыздан сени менен коштошууга туура келди, Гүлжан* (Абдукаримов).

АРГАСЫЗДЫК *зат.* Амалсыздык, айласыздык, айласы жоктук.

АРГЕН *зат.* Механикалык музыкалык инструмент. *Сүйлөгөн сөзүң татыктуу Бураган арген үнүндөй* (Тоголок Молдо).

АРГУМЕНТ *зат.* Бир нерсени далилдөө үчүн келтирилүүчү далил, негиз.

АРГЫ: жел аргы — анчалык катуу эмес жел, жумшак салкын жел. *Жел аргы суу ылдый лепилдеп согот* (Касымбеков). *Таң алдындагы муздак жел аргы мээ какшатат* (Каралаев).

АРГЫМАК *зат.* Асыл тукум, таза канду жылкы. *Аргымактын жакшысы чапса — күлүк, сатса — пул* (макал).

АРГЫН *зат.* Тукуму, сорту ж. б. ар түрдүү болгон организмдердин бири-бирине аргындашуусунан пайда болгон жаныбар, өсүмдүк же киши. *Музоолуу аргын уюн, кулундуу жалгыз бээсин Асандын өзү кыдыртып жүрүп оттотот* (Абдумомунов).

АРГЫНДАШ *этиш.* Тукуму, сорту ж. б. ар түрдүү болгон организмдер бири-бири менен кошулушуп жаңы тукум, сорт (аргын) пайда болуу.

АРГЫНДАШТЫР аргындаш этишинин аркылуу мамилеси.

АРГЫНДАШУУ аргындаш этишинин кыймыл атоочу.

АРГЫТ *этиш.* Атты атырылтып катуу чабуу, катуу жүрүү. *Боз жоргосун аргытып, Артынан чаңын баргытып Абаң Кошой калганы* («Манас»).

АРДАК *зат.* Урмат, кадыр. *Граждандык ыйык милдетти ардак менен аткардыңар* («Советтик Кыргызстан»). *Сага сыймык, Сага ардак, Жеңиш туусун алгандар!* (Нуркамал).

◆ **Ардак такта** *к.* **такта.**

АРДАКТА *этиш.* Урматтоо, кадырлоо. *Ардактап кымбат эмгектин Асылын көрөр күн тууду* (Аалы). *Ардактап букет сунуп белек берди* (Абдыраманов).

АРДАКТАЛ ардакта этишинин туюк мамилеси.

АРДАКТАТ ардакта этишинин аркылуу мамилеси.

АРДАКТОО ардакта этишинин кыймыл атоочу.

АРДАКТУУ *сын.* Урматтуу, кадырдуу. *«Кыргыздын баатыр уулу» деп Ардактуу атак алып кел!* (фольклор). *Пайдалуу эмгектин бардыгы ардактуу* (Убукеев).

АРДАН *этиш.* 1. Намыстануу, уят деп эсептөө, намыс көрүү. *Жалкоолордун баарысы Иш кылууга арданат* (Тоголок Молдо).

2. Ызалануу, ыза болуу. *Ардангандан эр Төштүк Кыпынча алы калбады* («Эр Төштүк»).

АРДАНУУ ардан этишинин кыймыл атоочу.

АРДАНТ ардан этишинин аркылуу мамилеси.

АРДУУ *сын.* Намыстуу, ары бар, намысы бар. *Бул өмүр ардуунуку, жандуунуку, Жаракөр, колуң силкпе андай достон!* (Маликов).

АРДЫГУУ ардык этишинин кыймыл атоочу.

АРДЫК *этиш.* Арануу, ызалануу, арданып ызасы келүү. *Ачуу ызага ардыгып, өксүп жашын төккөн Батийна энесине көрүнбөй өпкө кагып өкүнөт* (Сыдыкбеков).

АРЕНА *зат.* 1. Цирктин орто жеринде оюн көрсөтүлүүчү тегерек аянтча.

2. *өт.* Майдан, иш майданы.

АРЕНДА *зат.* 1. Имаратты, жерди ж. б. акысын төлөп, убактылуу пайдалануу.

2. Ушундай пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы.

АРЕНДАЛА *этиш.* Арендага алуу.

АРЕНДАЛОО арендала этишинин кыймыл атоочу.

АРЗАН *сын.* 1. Кымбат эмес, баасы төмөн. *Арзан тапкан буюмду Кызыгып сатпа кымбатка* (Осмонкул). *Өзү сүйгөн буюмун Арзан сатты, кайран эл* (Шайбеков).

2. Оңой, жеңил. *Ат арытмак — арзан, журт арытмак—кымбат* (макал). *Кыргоолду атып алуу арзан болгон жок* (Каимов).

◆ **Текейден арзан** — 1) өтө арзан; 2) эң эле оңой.

АРЗАНДА *этиш.* Баасы төмөндөө, арзан болуу. *Кийинки жылдарда суттүн өзүнө турган наркы эки эсе арзандап калды* («Советтик Кыргызстан»).

АРЗАНДАТ арзанда этишинин аркылуу мамилеси.

АРЗАНДОО арзанда этишинин кыймыл атоочу.

АРЗАНЧЫЛЫК *зат.* Баанын төмөн болушу, кымбатчылык эмес.

АРЗУУ арзы этишинин кыймыл атоочу.

АРЗЫ *этиш.* 1. Татуу, татыктуу болуу, тең келүү. *Эмгек менен элиң үчүн аргыл алсаң мактоого, Анда көңүл кайгысы жок, жагалданып шаттанат* (Нуркамал). *Өрнөк болууга ошондойлордун иши арзыйт* («Жаш ленинчи»).

2. Ыраазы болуу, канааттануу. *Эң жакшы окуйт эркем деп, Энеңер арзып кубансын* (Нуркамал).

3. Дегдөө, самоо, эңсөө. *Акын*

Током кайда деп, Арзычу эле катарым (Токтогул).

АРЗЫРЛЫК *зат.* Татырлык, арзый турган. *Адамдын керегине арзырлык жаңы нерсени табыш — советтик адамдын иши* (Сыдыкбеков).

АРЗЫТ арзы этишинин аркылуу мамилеси.

АРИЙНЕ *мод.* Албетте. *Арийне.. Арзымат таарынып кетти* (Жантөшев).

АРИП *зат.* Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган белгилер, тамга.

АРИСТОКРАТ *зат.* Ак сөөк, аристократия тобуна кошулуучу адам.

АРИСТОКРАТИЗМ *зат.* Дворяндык-буржуазиялык коомдо: аристократтарга (ак сөөктөргө) таандык кулк-мүнөз, сыпайылык, сылыктык, назиктик.

АРИСТОКРАТИЯ *зат.* 1. Дворяндардын жана үстөмдүк кылуучу эксплуататордук таптын жогорку катмары, ак сөөктөр.

2. *өт.* Капиталисттик өлкөлөрдөгү кандайдыр бир таптын же социалдык топтун артыкчылык укуктары бар катмары, төбөлү. *Финансалык аристократия.*

АРИСТОКРАТИЯЛЫК *сын.* Аристократияга таандык.

АРИФМЕТИКА *зат.* Цифралар менен белгилөнгөн сандар жөнүндөгү жана алар аркылуу амалдар иштөө жөнүндөгү математиканын бир бөлүмү.

АРИФМЕТИКАЛЫК *сын.* Арифметикага таандык.

АРИФМОМЕТР *зат.* Арифметикалык төрт амал менен эсептөөлөрдү жүргүзүүчү, эсептөөчү машина.

АРИЯ *зат. муз.* Жеке үнгө арналган вокалдык чыгарма (көбүнчө операның ж. б. составдык бөлүгү катарында).

АРКА I *зат.* 1. Дененин моюндан тартып куймулчакка чейинки омурткалар турган бөлүгү. *Ат аркасын суутуп, Эки-үч күн туралы!* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Бет алып турган тарапка карама-каршы жак, арт жак. *Азыр аркада калган кызыл тоо анда көрүнөн эмес* (Сыдыкбеков). *Аркадан буркураган чаң чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

3. *өт.* Таяныч, жөлөк, жардам. *Сапек атамдын аркасы менен ат жалын тарттым* (Аалы).

АРКА II *зат. архит.* Эки дубалдын же эки таянычтын догого окшоп ийилип келип кошулган жери.

АРКАГАЙ *сын.* Аркайган. *Аркагай зоока. Аркагай муйуз.*

АРКАЙ *этиш.* 1. Тиш-тиш жакка тарбаюу, бийик көтөрүлүп, арсак-терсек көрүнүштө болуу. *Тоого чыккан арчадай Мүйүздөрү аркайт* (Үмөталиев). *Мелтиреген талааны, аркайган тоолорду көзү талыганча карады* (Аалы).

2. Абдан арыктагандыктан сөөктөрү уркуюп чыгып туруу. [*Сачсыздык*].. *көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

АРКАК *зат.* Кездеменин узатасынан кеткен жиптери менен айкалышуучу туурасынан кеткен жип. *Желбегей кийген бейкасам, Аркагы базар жибеги* (Токтогул). *Эришине жараша аркагы* (макал).

◆ **Эриш-аркак болуу** *к.* **эриш.**

АРКАЛА *этиш.* 1. Аркасына, жонуна көтөрүү, жүктөө. *Аз күндүк азыктуулуктөрүн аркалап атам жөнөп кетти.*

2. *өт.* Милдет кылып алуу, жүктөө. *Коммунисттер элдин жүгүн аркалап, Ар бир иште жол көрсөтүп башкарат* (Осмонкул).

АРКАЛАТ аркала этишинин аркылуу мамилеси.

АРКАЛОО аркала этишинин кыймыл атоочу.

АРКАН *зат.* Жүн менен кылдан, кендирден ж. б. эшип жасалган узун жип. *Сексен кулач кыл аркан Жандап чечип алды эми* («Манас»).

◆ **Аркан тартмай** — аркан тартып күч сынамай элдик оюн.

АРКАНДА *этиш.* Алыс кетип калбас үчүн малды аркандын бир учу менен байлап отко коюу, аркан менен байлап коюу. [*Көсөл*].. *күрөң бээни огороддун четине алып барып аркандады* (Каимов).

АРКАНДАЛ арканда этишинин туюк мамилеси.

АРКАНДАТ арканда этишинин аркылуу мамилеси.

АРКАНДАШ арканда этишинин кош мамилеси.

АРКАНДОО арканда этишинин кыймыл атоочу.

АРКАР *зат.* 1. Кой тукумуна кирүүчү жапайы тоо айбаны. *Аркары болбой зоо болбойт* (Тоголок Молдо).

2. Ушундай айбандын ургаачысы. *Жайылып аркар, кулжасы, Жардашып таштан кетпеген* (Үсөнбаев).

АРКАЮУ аркай этишинин кыймыл атоочу.

АРКТИКА *зат.* Жер шарынын түндүк полярдык бөлүгү.

АРКЫ *сын.* 1. Ары жагындагы, экинчи жагындагы. *Кыраңдын аркы бетинен табарбыз* (Сыдыкбеков).

2. Кийинки, соңку. *Метрге өлчөп өстөндүн улам аркы учун белгилешип.. үчөө казык кагып жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

◆ **Аркы-беркини түшүнгөн** *же* **билген** — ар нерсени билген, ар нерсеге түшүнгөн, көптү билген. **Аркы-терки** — өйдөлүдүй, бир бетке эмес, ары-бери. *Аркы-терки бастыруу. Аркы-терки түшүү.*

АРКЫЛ *туурасы:* **аркы.**

АРКЫЛУУ *жанд.* Жардамы менен, аркасында. *Жапар Жамила аркылуу Айша менен таанышкан* (Баялинов).

АРКЫРА *этиш.* 1. Арылдаган, күрүлдөгөн үн чыгаруу. *Жолборстун күчү бардыгына жетет, Ал аркыраса, айбандарды зиркиретет* (Шүкүрбеков).

2. Ажылдоо. *Жетесизге кеп айтсаң, беттен алып аркырайт* (макал).

3. Катуу согуп уруу, катуу агуу, жүрүү. *Тоонун аркыраган суугу бир кезде үшүтөйүн деди* (Элебаев). *Булкунуп-жулкунуп, аркырап ага берди* (Убукеев). *Боз*

тулпар шарт бурулду, аркырады (Осмонов). *Аркырап чөл шамалы жүрдү кайра* (Үмөталиев).

АРҚЫРАТ аркыра этишинин аркылуу мамилеси.

АРҚЫРОО аркыра этишинин кыймыл атоочу.

АРМАН *зат.* Көксөгөн ой-санаа, көксөгөн тилек, орундалбаган тилек, кайгы, муң-зар. *Арманга ичи жык толуп, Арстанның бармакты жара чайнады* («Манас»). *Айта турган арман көп болсо да, айтпаймын* (Жантөшев).

АРМАНДА *сын.* Армандуу, арманы бар. *Айтканына жетпесе, Ар ким болот арманда* (Осмонкул).

АРМАНДУУ *сын.* Арманы бар, ойтилеги ордунан чыкпаган, капалуу. *Анан армандуу өткөн Чынар таежем жөнүндө китеп жазып, эстелик калтырам* (Сыдыкбеков).

АРМАНСЫЗ *сын.* Арманы жок, кайгысыз. *Аралап өмүр гүлзарын, Армансыз таттуу күн өтсө* (Абдыраманов).

АРМАТУРА *зат.* 1. *тех.* Кандайдыр бир аппараттын, машинанын электр жабдуусунун ж. б. приборлорунун жана аларга тийиштүү нерселердин жыйындысы.

2. *тех.* Темир-бетондук же башка ар кандай курулуштарда алардын бекемдигин арттыруу максатында арасына коюла турган темир бөлүктөрүнүн жыйындысы.

АРМИЯ *зат.* 1. Бир мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн жалпы жыйындысы. *Советтик Армия. Армияда кызмат кылуу.*

2. Кургактагы куралдуу күчтөр.

3. Согуштук операцияларды жүргүзүү үчүн ылайыкталып түзүлгөн бир же бир нече түрдөгү аскердик корпустардын же дивизиялардын бирикмеси. *Десанттык армия. Биринчи армия.*

4. *өт.* Иштеген иши, кесиби ж. б. жагынан бири-бирине байланышы бар көп кишилердин жалпы жыйындысы. *Республикада советтик интеллигенциянын чоң армиясы өсүп чыкты* («Ала-Тоо»).

АРМИЯЛЫК *сын.* Армияга таандык. *Армиялык газета.*

АРНА *этиш.* Багыштоо. *Бардык күчүн Элине арнаган* (Нуркамал). *Күч-кубатын өлкөсүнө арнаган* (Бөкөнбаев).

АРНАЛ арна этишинин туюк мамилеси.

АРНОО арна этишинин кыймыл атоочу.

АРПА *зат.* Пиво кайнатуу үчүн, жем үчүн ж. б. колдонулуучу дан эгини. *Айдаганы дыйкандын Арпа менен ак буудай* (Тоголок Молдо).

АРПАКАН *зат.* Сулу сымактанган чөп. *Алар [Аскар, Сатай].. тоо арпаканы менен каз таңдайды көтөрүп алышкан* (Сыдыкбеков). *Этегирээк жакта.. ат кулак аралаш арпакан чыгат* (Сыдыкбеков).

АРПАЛЫШ *этиш.* 1. Кандайдыр бир иштин тегерегинде алпурушуу, убараланууу, алышуу.

2. Кучакташуу.

АРПАЛЫШУУ арпалыш этишинин кыймыл атоочу.

АРС I: арс чычкан *к.* **чычкан.**

АРС II: арс этүү — узакка ажылдабай кыска гана асыла үрүү (ит жөнүндө). *Ит арс эткенде, Надя чуркап чыгып: Чык! Сен ким? — деди* (Жантөшев).

АРСАГАЙ *сын.* Арсайган.

АРСАЙ *этиш.* Бөлүнүп оркоюп чыгып туруу. *Бөдөнө түштү түлкүнүн Арсайган азуу тишине* (Тоголок Молдо).

АРСАЙТ арсай этишинин аркылуу мамилеси.

АРСАҢ *сын.* Бөлүнүп аркайып чыгып турган; арсайган. *Арсак зоо. Арсак тиш.*

◆ **Арсак-терсек** — туш-туш жакка аркайып чыгып турган; ирети жок. *Тиши арсак-терсек. Арсак-терсек аскалар.*

АРСАКТА *этиш.* Оозун чоң ача күлүү. *Арсактап күлдү.*

АРСАКТОО арсакта этишинин кыймыл атоочу.

АРСАКТУУ *сын.* Учтуу чокулары сороюп-сороюп чыгып турган; учтары арсак-терсек болуп чыгып турган. *Арсактуу бийик Тянь-Шань* (Аалы).

АРСАҢДА арсакта менен бирдей.

АРСАР *сын.* Күмөн, ачык эмес. *Ал тойдон бүгүн эмес, эртең келери да арсар* (Жантөшев).

АРСАРСУУ арсарсы этишинин кыймыл атоочу.

АРСАРСЫ *этиш.* Күмөндөнүү, күмөндүү болуу; көңүл кош болуу. *Өз жообуна өзүнүн ишеними жетпей арсарсып токтоду* (Сыдыкбеков).

АРСАЮУ арсай этишинин кыймыл атоочу.

АРСЕНАЛ *зат.* Жарак-жабдыктардын, согуштук жабдуулардын склады.

АРСТАН *зат.* 1. Тыкыр сары жүндүү ири жырткыч айбан. *Арстан катуу качырат, жумшак алат* (макал).

2. *өт.* Баатыр, каарман, эр жүрөк. *Бактылуу бол, жеңиштүү кел, Арстан жүрөк бөбөгүм* (Аалы). *Арстан Манас мингени Айбанбоз сындуу аты бар* («Манас»).

АРСЫЗ *сын.* Ары жок, уятсыз, намыссыз. *Асмандан ай тиреген мекениме Арсыздар колун сунуп жете албаган* (Осмонкул). *Айбатыңдан арсыз душман бүлүнсүн!* (Осмонкул).

АРСЫЗДЫК *зат.* Ары жоктук, уятсыздык, намыссыздык.

АРСЫЛДА *этиш.* Арс-арс этүү, арс-арс этип үрүү. *Ал [ит] түнкүсүн бет алды эле арсылдап үрө берүүчү эмес.*

АРСЫЛДОО арсылда этишинин кыймыл атоочу.

АРТ I *зат.* 1. Арка жак, бет алган жактын карама-каршы жагы. *Күндүздай кара чачы эки өрүлүп артында* (Сыдыкбеков).

2. Кийин жак, соңу. [*Машинага*].. *эл арты болуп түшкөн үч адамга убал болду* (Сыдыкбеков).

АРТ II *этиш.* 1. Көбөйүү, дагы үстүнө кошулуу, арбуу. *Отличниктердин саны барган сайын артып бара жатат.*

2. Күчөө, мурдагыдан ашуу, арбуу. *Менин зергерлик өнөрүм арта берди* (Абдукаримов).

3. Ашыкча болуп калуу, ашып калуу. *Көчкөндөн отун артат* (макал). *Тамак жетпес жоруга Карышкырдан арткан тарп кызык* (Осмонкул).

АРТ III *этиш.* 1. Жүктөө, теңдей салып жүктөө. *Чоко жүгүн артып жөнөп калды* (Жантөшев).

2. Өткөрө салуу, ашыра салуу, артылта коюу. *Бегимжандын мойнуна Колун артып жиберди* («Семетей»).

3. Милдеттендирүү, милдет кылып алуу.

◆ **Көз артуу** *к.* **көз.**

АРТ IV *туурасы:* **арыт II.**

АРТ V *этиш.* Тазалоо, аарчып-сүртүү, арылтуу, таза абалга келтирүү. [Үсөн].. *бетаарчы менен баланын мурдун артты* (Касымбеков).

АРТЕЛДЕШ *этиш.* Артелге биригүү.

АРТЕЛДЕШТИР артелдеш этишинин аркылуу мамилеси.

АРТЕЛДЕШҮҮ артелдеш этишинин кыймыл атоочу.

АРТЕЛЬ *зат.* Бир кесиптеги адамдардын түшкөн кирешесине келишим боюнча катышы бар болуп, жалпы жоопкерчилик астында биригишкен бирикмеси. *Балык кармоо артели. Инвалиддер артели.*

◆ **Айыл чарба артели** — колхоз.

АРТЕРИЯ *зат.* 1. *анат.* Канды жүрөктөн бүткүл денеге алып баруучу кан тамыр.

2. *өт.* Жол катнашы, жол катнашынын тармактары. *Волга—СССРдин эң башкы суу артерияларынын бири.*

АРТИЛЛЕРИСТ *зат.* Артиллерияда кызмат кылуучу аскер кызматчысы.

АРТИЛЛЕРИЯ *зат.* 1. Ар түрдүү калибрдеги жана конструкциядагы замбирек, гаубица, миномёт сыяктуу ж. б. ок атуучу ири согуш куралдарынын жалпы аты. *Танкыга каршы атылуучу артиллерия. Жеңил артиллерия. Оор артиллерия.*

2. Ушундай куралдар менен жабдылган аскер бөлүгү, түрү. *Артиллерияда кызмат кылуу.*

АРТИЛЛЕРИЯЛЫК *сын.* Артиллерияга таандык.

АРТИСТ *зат.* 1. Искусствонун чыгармаларын сахнада көпчүлүк элдин алдында аткаруучу киши. *Эстрадалык артист. Опера артисти.*

2. *өт.* Бир ишке абдан чебер болгон киши. *Ал өз ишинин артисти.*

АРТИСТКА *зат.* Артист аял.

АРТИСТТИК *сын.* Артистке таандык. *Артисттик чеберчилик.*

АРТКЫ *сын.* Арт жактагы, кийинки. *Алдыкынын адашканын арткы киши билет* (макал).

АРТТЫР арт этишинин аркылуу мамилеси.

АРТУУ арт этиштеринин кыймыл атоочу.

АРТЫК *сын.* 1. Көп, ашык, ашыкча. *Пландан артык ашырып, Кызылын тоодой кырдады* (Осмонкул).

2. Жакшы, жогору, өзгөчө; мыкты. *Өлгөн жолборстон тирүү чычкан артык* (макал). *Ары жок ишке барганча, Артык көр андан өлүмдү* (Токтогул). *Артык сынчы Нескара* («Манас»).

◆ **Артык баш** — ашык, ашыкча. *Артык баш толуп жаткан буюм жасап, Миңдеген мээлей, байпак алдык токуп* (Үмөталиев).

АРТЫКЧА *такт.* 1. Өзгөчө, бөтөнчө, артык. *Артыкча тулпар мал экен, Адамча сүйлөп, Чалкуйрук* («Эр Төштүк»).

2. Көбүнчө, асыресе, айрыкча. *Артыкча түндөгү жамгырдан кийин өзөндүн абасы аңкып, көңүлдү терметет* (Сыдыкбеков).

АРТЫКЧЫЛЫК *зат.* 1. Өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк. *Пландуу түрдө өнүгүү — социализмдин эң улуу артыкчылыгы* («Советтик Кыргызстан»).

2. Көптүк, ашыкчалык. *Сан жагынан артыкчылыгы бар.*

АРТЫЛ арт этишинин түюк мамилеси.

АРТЫН арт **III** этишинин өздүк мамилеси.

АРТЫНЧАК *зат.* Артып, таңып коюлган жүк, буюм-тайым.

АРТЫШ арт **III** этишинин кош мамилеси.

АРУУ I *зат.* Талма оору, эс-учун жоготуп коюучу нерв ооруcу. *Анын өңү аруу кармагандай кер сары тартып кеткен* («Ала-Тоо»).

АРУУ II *сын.* 1. Таза, таптаза. *Ак кепиндей аруу жүүп, Көмөр кишим болсочу* («Курманбек»). *Аман келсе Табылды, Аруу кийим киет деп* («Эр Табылды»).

2. Татынакай, ак, таза, сулуу. *Кана, кыргыздын он жети жашар аруу кызынын жүрөгү кандай экен?* (Абдукаримов). *Айчүрөк аруу сеники, Чачыкей сулуу меники* («Семетей»).

АРУУ III ары этишинин кыймыл атоочу.

АРУУЛА I *этиш.* Аруусу кармоо. *Аруулап башың ооруса, Алдыңа кетем мен деген* (Бөкөнбаев).

АРУУЛА II *этиш.* Тазалап аруу кылуу. *Аруулап таза жуудуруп, Ак кепиндеп көчүнүз* («Сариншы — Бөкөй»).

АРУУЛОО аруула этишинин кыймыл атоочу.

АРУУРКА *этиш.* Аруусу келүү, аруусу кармай турган болуп кучунаштоо.

АРУУРКОО аруурка этишинин кыймыл атоочу.

АРХАИЗМ *зат.* 1. Эскирген көрүнүш, эскинин калдыгы.

2. *лингв.* Эскирген жана колдонуудан чыгып калган сөз же сөз тизмеги.

АРХЕОЛОГ *зат.* Археология жагынан специалист.

АРХЕОЛОГИЯ *зат.* Байыркы элдердин турмушун, маданиятын сакталып калган эски нерселер, заттар боюнча изилдөөчү илим.

АРХИВ *зат.* 1. Эски документтерди, жазуу эстеликтерин системага келтирип, сактоо иштерин алып баруучу мекеме.

2. Мекеменин же айрым кишинин каттарынын, кол жазмаларынын жана башка материалдарынын жыйындысы.

АРХИПЕЛАГ *зат.* Деңиздеги бири-бирине өтө жакын турган аралдардын тобу.

АРХИТЕКТОР *зат.* Архитектура жагынан специалист.

АРХИТЕКТУРА *зат.* Курулушту долбоорлоо, куруу жана кооздоо искусствосу.

АРЧА *зат.* Жайы-кышы көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу жыгач. *Чычырканак, шилби, четин, долоно, Өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул).

АРЧЫНДА *этиш.* Каршы-терши байлоо. *Түйүнчөгүн далыга Арчындап таңып коюптур* («Мендирман»).

АРЧЫНДАЛ арчында этишинин туюк мамилеси.

АРЧЫНДАН арчында этишинин өздүк мамилеси.

АРЧЫНДАТ арчында этишинин аркылуу мамилеси.

АРЧЫНДАШ арчында этишинин кош мамилеси.

АРЧЫНДОО арчында этишинин кыймыл атоочу.

АРЫ I *такт.* 1. Кандайдыр бир нерсенин, чектин, орундун ж. б. экинчи жагы. *Жолдоштор, — деп бир кыйкырды да, ары карата жүгүрүп түшүп кетти* (Жантөшев). *..Кетенчиктей беребиз дешип, кырдуу ташпан ары кулап түштү* (Жантөшев).

2. Мындан кийин, кийин, ушундан тартып. *Мындан ары чыдай албайм. Бүгүндөн ары келбейм.*

◆ **Ары-бери** — 1) аркы-терки, тыякка-быякка, өйдө-ылдый; 2) дароо, ылдам, тез.

АРЫ II *бөл.* Да, ошону менен бирге. *Карыя ошентип ары суроолуу, ары ойлуу карады* (Убукеев).

АРЫ III *этиш.* Чарчоо, чаалыгуу, күч-кубаты кетүү. *Атты арыганда көр, жигитти карыганда көр* (макал). *Атың арып, өзүң кайгыпп калыптырсың* (Жантөшев).

АРЫЗ *зат.* 1. Өтүнүч. *Арыз жазуу. Арыз берүү.*

2. Дат, даттаныш.

◆ **Арыз-арман** *же* **арыз-муң** — кайгы-зар, орундалбай калган тилек. **Тоголок арыз.** *к.* **тоголок.**

АРЫЗДАН *этиш.* Даттануу, арыз, өтүнүч менен кайрылуу. *—Эмне, ал акмак силерге арыздаңган го?* (Сыдыкбеков).

АРЫЗДАНТ арыздан этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫЗДАНУУ арыздан этишинин кыймыл атоочу.

АРЫЗДАШ *этиш.* Бири-биринин үстүнөн арыз берүү.

АРЫЗДАШУУ арыздаш этишинин кыймыл атоочу.

АРЫЗЧЫ *сын.* Арызданганды жакшы көргөн, арызды көп жазган.

АРЫК I *зат.* Суу агызуу үчүн казылган алаң. *Арыктар эгин талааларын аралап чиелешкен* (Сыдыкбеков). *Арыктарда тунук суу шылдыр кагып, алма, өрүктөр жашыл тартып кулпура түшкөн тура* (Сыдыкбеков).

АРЫК II *сын.* Эти качкан, майсыз; семиздин карама-каршысы. *Ачтын токтугу бар, арыктын семизи бар* (макал).

◆ **Арык-торук** — начар, жүдөө. *Бул корооно арык-торук тайлар кыштай турган.* **Арык чырай** — өтө арык эмес.

АРЫКТА *этиш.* Этинен азуу, этинен түшүү, арык болуу. *Эмгектен арыктасаң, түшүмүнө семирерсиң* (макал). *Адам курсагынан арыктабайт, кулагынан арыктайт* (макал).

АРЫКТАТ арыкта этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫКТОО арыкта этишинин кыймыл атоочу.

АРЫЛ *этиш.* 1. Тазаруу, таза болуу. [*Кычан*].. *бети-башын жууноп, кирден арылыш үчүн сууга келди* (Бейшеналиев).

2. Кутулуу; кетүү, тароо. *Жүрөгүнө кабат-кабат уюган, Ачып көңүл, муңкайгыдан арылды* (Бөкөнбаев).

АРЫЛА *этиш.* Улам ары болуу, ары карай жылуу, алыстоо, ары карай дагы терендөө. [*Ышкынаалы*].. *эки жагын элеңдеп карап арылап жөнөдү* (Байтемиров).

АРЫЛАТ арыла этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫЛДА *этиш.* 1. Ажылдоо, бакыруу, беттен алуу. [*Сапар*].. *арылдап ызасына чыдабай уруша эшикке жөнөдү* (Бейшеналиев).

2. Күркүрөө, шуулдоо, күүлдөө, катуу жүрүү, күчөө. *Оң тарабыбызда арылдап агып жаткан Кара-Дарыя* (Жантөшев). *Арылдаган суук шамал Касейиндин беттерин каарып, колдорун аймалайт* (Сыдыкбеков).

АРЫЛДАТ арылда этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫЛДОО арылда этишинин кыймыл атоочу.

АРЫЛОО арыла этишинин кыймыл атоочу.

АРЫЛТ арыл этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫЛУУ арыл этишинин кыймыл атоочу.

АРЫМ *зат.* 1. Кадам, арыш, адым. *Ак жалдын каруусу кетип, уламдан-улам анын арымы кыскарды* (Жантөшев). *Ландар... арымдарын кере таштап, алга жөнөп калышты* (Жантөшев).

2. Алга жөнөөчүлүк, илгерилөө. *Радио менен телевидениенин келечеги өтө кең, арымы абдан чоң* («Кыргызстан аялдары»).

АРЫМДА *этиш.* 1. Арыштоо, адымдоо, кадамдоо. *Каныбек эшикти карай чоң-чоң арымдады* (Жантөшев).

2. Алга жөнөө, илгерилөө.

АРЫМДАТ арымда этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫМДОО арымда этишинин кыймыл атоочу.

АРЫМДУУ *сын.* 1. Арымы чоң, кадамы чоң.

2. Алга карай жылышы тез, илгерилеши кеңири.

АРЫМСЫЗ *сын.* 1. Арымы кичине, арышы кичине.

2. Илгерилебеген, арбыбаган, жылбаган.

АРЫСТАН *туурасы*: **арстан.**

АРЫТ I ары III этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫТ II *этиш.* Көп жерди кыдыруу, карап чыгуу, кыдыруу. *Далай жерди арыткан Даңктуу Токоң мындамын* (Токтогул). *Сайдан сайды арытып,* [*койлорду:*] *издебеген жерим калган жок* (Сыдыкбеков).

АРЫТ III арт III менен бирдей.

АРЫТАДАН арытан менен бирдей.

АРЫТАН *такт.* Ары жактан, арыраактан. «...*Энем чакырып жатат — деп, арытан Сүйүмкан басып келди* (Жантөшев).

АРЫШ *зат.* 1. Кадам, адым, арым. *Ажал жолу чилдин арышынан кыска* (Сыдыкбеков).

2. Алга жөнөөчүлүк, илгерилөө, ылдамдык. *Так ушундай, туугап элим, Беш жылдыктын арышы* (Аалы).

АРЫШТА *этиш.* Чоң-чоң адымдоо, кадам шилтөө; ылдам жүрүү, жүгүрүү. *Тообай Ачакейдин колун кыса кармады да, арыштай басып, тышка чыкты* (Абдумомунов). [*Арчатору*].. *кырк бууданды ээрчитип, алдына түшүп арыштап жөнөгөн экен* («Эр Табылды»).

АРЫШТАТ арышта этишинин аркылуу мамилеси.

АРЫШТОО арышта этишинин кыймыл атоочу.

АРЬЕРГАРД *зат.* Алдыда кетип бара жаткан негизги аскер күчтөрүнүн арт жагында бараткан жана анын тылынын коопсуздугун камсыз кылуучу аскер бөлүгү.

АС *этиш.* 1. Кандайдыр бир нерседен өткөрүп, тагып илип коюу, илүү. *Кетмен салып Кеңир өскөн ийнге Келиштирип мылтык асып салалык* (Турусбеков).

2. Саландаган абалда илип коюу, жогорураак илүү, байлоо. *Бубуш тулгага чайнегин асып, кемегенин жанында* (Сыдыкбеков). *Канаты бар Чалкуйрук Чынарга аса байлады* («Эр Төштүк»).

3. Дарга тартуу, дарга тартуу жолу менен өлтүрүү. *Сулуу Зоя салбырап Бутакта турду асылып* (Үмөталиев). *Каныбектин колу-бутун байлатып, дарга асмакчы болот* (Жантөшев).

◆ **Казан асуу** — тамак даярдоого, тамак бышырууга киришүү. **Эт асуу** — казанга салып эт бышыруу. **Ат жалына казан асуу** — ат үстүндө бара жатып, жолдо бара жатып анча-мынча тамак ичүү, өзөк жалгоо.

АСА *зат.* Боору жик-жик болуп кеткен катуу жыгач жана ошол жыгачтан жасалган таяк. *Калпалар келди каркылдап, Дубаналар, сопулар Асалары шаркылдап* Токтогул).

◆ **Аса-муса** — *к.* **аса.**

АСАБА *зат.* Байрак, желек, туу. *Асаба желек жалтылдап Каптап кирип калганы* («Манас»).

АСАЛ асел менен бирдей.

АСАН: асан кайгы — ар нерсени ойлоп кейий берген, абдан убайымчыл, сары санаачыл.

АСБАП *туурасы*: **аспап.**

АСБЕСТ *зат.* Отко чыдамдуу минерал.

АСЕЛ *зат. диал.* Бал. *Чайга салган аселден Кеселге жардам болдубу?* («Саринжи — Бөкөй»).

АСЕМ *зат.* Жасалга, көрк, кооздук. *Ачылды көшөгөсү чоң бөлмөнүн, Асемге чиндеги маашыркандык* (Маликов). *Укмуштуу асем болгонсуп, Асманга жылдыз төгүлдү* (Жантөшев).

АСЕМДЕ *этиш.* Жасап-түзөп кооз, көрктүү түргө келтирүү, кастарлоо. *Аттарына коңгуроолор тагып асемдеген извозчиктер кыйкырып отурушат* (Абдукаримов). *[Зарыл] колундагы жоолукту асемдеп буктөй баштады* (Сыдыкбеков).

АСЕМДЕЛ асемде этишинин туюк мамилеси.

АСЕМДЕН асемде этишинин өздүк мамилеси.

АСЕМДЕТ асемде этишинин аркылуу мамилеси.

АСЕМДӨӨ асемде этишинин кыймыл атоочу.

АСЕМДҮҮ *сын.* Кооздолгон, көрктүү; короздонуп сыланган кейипте. *Ат тандашып минишип, Асемдүү кийим кийишип* («Олжобай менен Кишимжан»). *Асемдүү жүрөт.*

АСЕР *зат. диал.* Таасир.

АСИЛ *туурасы*: **насил.**

АСИЛИ *такт.* Түк, такыр, эч, эч бир. *Ажалы жеткен барбаса, Асили киши барбас деп* («Манас»).

АСИЛКЕЧ азилкеч менен бирдей.

АСИРЕСЕ *такт.* Өзгөчө, бөтөнчө.

АСКА *зат.* Эң бийик, зоокалуу тоо, тоодогу өзгөчө бөлүнүп турган бийик зоока. *Кичирээк асканын башында мылтыгын асынып Алыбек турат* (Жантөшев). *Тигил эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө* (Сыдыкбеков).

АСКАЛАН *этиш.* Аска болуп бийик көтөрүлүп туруу, арсак-терсек бийик көрүнүштө болуу. *Аскаланган бийик зоонун боорунда Барчын салган сонун уя көрүнөт* (Шимеев).

АСКАЛУУ *сын.* Аскасы бар; аскасы көп. *Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо, какыраган таштак* (Жантөшев). *Ар тараптан куушура курчап турган аскалуу тоолорду да теше тиктеп сонуркады* (Убукеев).

АСКАР: аскар тоо — эң бийик аска тоо, абдан бийик залкар тоо.

АСКЕР *зат.* 1. Мамлекеттин куралдуу күчтөрү же анын бир бөлүгү. *Жөө аскер. Аттуу аскер.*

2. Солдат. *Кызыл Армиянын аскерлери жана командирлери.*

◆ **Кызыл аскер** — Кызыл Армияда кызмат кылуучу адам.

АСЛИ *туурасы*: **асили.**

АСМА *сын.* 1. Асылып турган, илинип турган. *Асма чырак. Асма кулпу.*

2. Арта салынган, жогору жагынан алып өтүлгөн. *Асма көпүрө. Асма жол.*

3. Анчалык жоон эмес темирден жасалган, ортосунда чөөгүн асып коюучу илгичи бар үч буттуу чай тулга. *Зуура коломтого асма асты да, чай кайнатты* (Баялинов).

АСМАЙ насыбай менен бирдей.

АСМАН I *зат.* Жогору жактан жерге карай көмкөрүлгөн сыяктуу көрүнгөн атмосфера бөштүгү, көк. *Түпсүз деңиздей түнкү асман көгөрөт* (Жантөшев).

◆ **Асман бою түйүлүү** *же* **асман-айдан түйүлүү** — так секирүү, жакындатпоо, абдан чочуу, уккусу, жакындагысы келбөө. *Сапар ого бетер асман-айдан түйүлдү* (Бейшеналиев). *Тообай кармоого аракет кылды, бирок азоо кара кер асман бою түйүлөт* (Абдумомунов).

АСМАН II *зат.* Кечиреэк бычылган өгүз.

АСМАНДА *этиш.* Асманга көтөрүлүү, жогору көтөрүлүү, бийик көтөрүлүү, көкөлөө. *Аскалуу тоону каптадап, Жагалмай келет асмандап* (Бөкөнбаев).

АСМАНДАТ асманда этишинин аркылуу мамилеси.

АСМАНДОО асманда этишинин кыймыл атоочу.

АСПАП *зат.* Кандайдыр бир иштерди иштөдө, буюмдарды жасоодо ж. б. колдонулуучу курал, шайман. *Ал [Мурат] сумкасынан аспаптарын ала коюп ишке киришти* (Байтемиров). *[Касым].. карыса да, майда-барат аспаптарды жасап, колхоздун ар кайсы жеңил-желпи буюмдарын бүтүрүп берет* (Таштемиров).

АСПИРАНТ *зат.* Жогорку окуу жайынын же илим-изилдөө институтунун алдында илимий же педагогикалык ишке даярдануучу адам.

АСПИРАНТУРА *зат.* Жогорку окуу жайынын же илим-изилдөө институттарынын алдында профессордук-окутуучулар кадрларын жана илимий кызматкерлерди даярдоо системасы.

АССАМБЛЕЯ *зат.* Кандайдыр бир эл аралык уюмдун мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу.

АССИГНОВАНИЕ *зат.* Бир нерсеге жумшоо үчүн бөлүнгөн акча каражаты.

АССИМИЛЯЦИЯ *зат.* 1. *биол.* Өзүнүн ичине кирген заттарды жаныбарлардын жана өсүмдүк организмдердин сиңириши.

2. Тилин, үрп-адатын өздөштүрүү менен, бир элдин экинчи эл менен кошулуп кетиши.

3. *лингв.* Бир тыбыштын өзүнө жанаша турган тыбыштын таасири менен окшошуп өзгөрүшү.

АССИСТЕНТ *зат.* Илимий иштерде, операция жасаган кезде, студенттер менен практикалык иш жүргүзгөн кезде профессорго, врачка жардам берүүчү жардамчы.

АССОРТИМЕНТ *зат.* Кандайдыр бир товардын же анын ар кыл түрлөрүнүн тандамасы, жыйындысы.

АССОЦИАЦИЯ *зат.* 1. Бирдей иштеги адамдардын же мекемелердин бирикмеси, союзу.

2. Психикалык процесстердин өз ара байланышы.

АСТА *такт.* Акырын; абайлап; шашпай, жай, секин. *Алышууга белсенип, Аста басып бараны* («Манас»). *Азамат болуу аста-аста, Айбан болуу бир паста* (Шүкүрбеков). *Аста-секин аяңдап, Аркамдан келгин сен, балам* («Семетей»).

АСТАЙДИЛ *сын.* Чын жүрөктөн, чын дили менен, чын ниеттүү. *Алар Кызыл Армияны күтүп, жеңишке астайдил ишенишкен* (Бөкөнбаев). *Астайдил мамилем үчүн жылыттыбы, эркелеткен кыяста күлүмсүрөп: — Келдим, балам, — деди [кемпир]* (Касымбеков).

АСТАМ *такт.* Ашыгыраак, ашуун. *Казысы эки элиден астам чыкты.*

АСТАНА *зат.* Босого. *Астанадан бут сала бергенимде атам бетме-бет келе түштү* (Касымбеков).

АСТАР *зат.* Кийимдин, төшөнчүнүн ичи, ичине салынган кездеме. *Астары жибек.*

АСТАРЛА *этиш.* Ичтөө, ич салуу.

АСТАРЛАТ астарла этишинин аркылуу мамилеси.

АСТАРЛОО астарла этишинин кыймыл атоочу.

АСТАРЛУУ *сын.* Астарланган, астар салынган.

АСТАРЛЫК *зат.* Ичтик, ич болууга жарактуу кездеме.

АСТЕЙДИЛ астайдил менен бирдей.

АСТИ асили менен бирдей.

АСТРОНОМ *зат.* Астрономия жагынан специалист.

АСТРОНОМИЯ *зат.* Асман телолору (Ай, Күн, Жылдыз ж. б.) жөнүндөгү илим.

АСТРОНОМИЯЛЫК *сын.* Астрономияга таандык.

АСТЫ I *зат.* 1. Төмөн жагы, ылдый жагы. *Канатынын астынан Төштүктү алып чыкты эле* («Эр Төштүк»). *Астынан алтын булак ыргып чыккан* (Бөкөнбаев).

2. Алды жак; бет алды жагы, бет маңдайы. *Ачуулуунун астынан чыкпа* (макал).

3. Мезгилдин, окуянын ж. б. алды, башталышы. *Март баштап кирип келди жаздын асты* (Турусбеков).

АСТЫ II асили менен бирдей.

АСТЫН: астын-үстүн болуу — оодарылып, көңтөрүлүп, асты үстүнө келип калуу; аралашып калуу, кыйроо, чакчелекей чыгуу.

АСТЫНКЫ *сын.* 1. Төмөн жактагы, төмөнкү, ылдыйкы; асты жактагы. *Кул астынкы эрдин тиштеп, бир аз унчукпай калды* (Абдукаримов).

2. Алды жактагы, алдыдагы. *Астынкы орун.*

АСТЫҢКЫ *туурасы*: **астынкы.**

АСТЫР ас этишинин аркылуу мамилеси.

АСТЫРТАДАН астыртан менен бирдей.

АСТЫРТАН *такт.* Тымызын, ачык эмес, билгизбей, алдыртан. *«Амандашып келгин» — деп, Астыртан мени жиберди* (Токтогул).

АСТЫРТЫН астыртан менен бирдей.

АСУУ ас этишинин кыймыл атоочу.

АСФАЛЬТ *зат.* Жолго, тротуарга ж. б. төшөө үчүн колдонулуучу кара күрөң түстөгү чайырлуу зат жана бети ушуну менен жабылган жер. *Көчөңдү мелтиреген асфальт басты* (Осмонов).

АСФАЛЬТТА *этиш.* Асфальт **төшөө**, асфальт менен каптоо. *Ленин көчөсүн асфальттап бүтүштү.*

АСФАЛЬТТАЛ асфальтта этишинин туюк мамилеси.

АСФАЛЬТТОО асфальтта этишинин кыймыл атоочу.

АСФАЛЬТТУУ *сын.* Асфальтталган, асфальт төшөлгөн.

АСЫЙ *зат.* Беш жаштагы бодо мал. *Жаңы бышты жазга асый, Жандан күлүк Койкүрөң* («Курманбек»). *Ал ат, жээрде кашка, тишине караганда жаңы асый* (Жантөшев).

◆ **Жаңы асый** *же* **бир асый** — беш жаштагы, беш жаш. **Эки асый** — алты жаштагы, алты жаш. **Үч асый** — жети жаштагы, жети жаш (дагы ушул сыяктуу).

АСЫЛ I *зат.* Түшүм. *Какыр жерди гүлдөтүп , Асылына мол баткан* (Бөкөнбаев).

АСЫЛ II *сын.* 1. Кымбат, кымбат баалуу. *Асыл таш. Асыл буюм. Акыл — баштан, асыл — таштан* (макал).

2. Урматтуу; кымбаттуу.

◆ **Асыл тукум** — тукуму асылдандырылган, карапайым эмес, жакшыртылган.

АСЫЛ III 1. ас этишинин туюк мамилеси.

2. Бирөөгө карата такай эле сүйлөп жармашып алуу, кайта-кайта айта берүү, ажырабоо, бөлүнбөө.

АСЫЛДАНДЫР *этиш.* Жакшыртуу. *Малдын тукумун асылдандырдык.*

АСЫЛДАНДЫРУУ асылдандыр этишинин кыймыл атоочу.

АСЫЛКЕЧ азилкеч менен бирдей.

АСЫЛЫ асили менен бирдей.

АСЫН ас этишинин өздүк мамилеси.

АСЫРА *этиш.* 1. Адамды, малды ж. б. күтүү, багуу, өстүрүү, тамактандыруу. *Чоң эне балапан асыраган торгойдон бетер небересине үйрүлөт* (Сыдыкбеков). *Ташбай аке — бак-дарак асырап өскөн багбан адам* (Сыдыкбеков).

2. Көбүнчө башка бирөөнүн баласын багып алуу. *Бала кылып асырап алайын* (Жантөшев).

АСЫРАНДЫ *зат.* Багылып алынган бала. *Асыранды баланы айылчы катын чыгарат* (макал).

АСЫРАТ асыра этишинин аркылуу мамилеси.

АСЫРАШ асыра этишинин кош мамилеси.

АСЫРОО асыра этишинин кыймыл атоочу.

АСЫЯ *туурасы*: **насыя.**

АТ I *зат.* 1. Бычылган жылкы. *Айгыр учунса — ат болот, ат учунса — эт болот* (макал).

2. Жалпы эле минилүүчү жылкы. *Ат — эрдин канаты* (макал). *Аттан айрылсаң айрыл, ээр-токумдан айрылба* (макал).

◆ **Ат чабыш** — ат жарыштырган мелдеш, улуттук оюн. *Оодарыш, күрөш, ат чабыш Ойноду нечен баатырлар* (Осмонкул). **Ат коюу** — аттын оозун коё берүү, чаап жөнөө, чабуул коюу. **Ат салышуу** — мелдешүү, мелдешке чыгуу; күрөшкө чыгуу, алга жөнөө. **Ат үстүнөн** — үстүртөн. **Ат кара тил болгондо** — жай келгенде. **Ат кесерден** — аттын омуроосуна чейин. **Ат кулак** — жалбырагы кууш тартып кеткен жапайы өсүмдүк. **Ат тиш** — мыкты сууруп алуу үчүн ылайыкталган курал, аткуур. **Ат тезегин кургатпоо** — тез-тез барып туруу, бат-бат келип туруу, арадан көп убакыт өткөрбөө. **Ат кошчу** — жол жүргөндө атын багып, кошо узатып жүрүүчү киши. **Ат токуур** — 1) атын токуп берип туруучу, атын токуп берип кызмат көрсөтүүчү киши; 2) *өт.* бала, эркек бала. *Эмне төрөдү? Ат токуурбу же кырк жылкыбы?*

АТ II *зат.* 1. Адамдарга берилүүчү ысым. *Атым — Акмат, атамдын аты — Дүйшө.*

2. Айбандарга, куштарга ж. б. коюлган аталыштар. *Тулпардын аты — Алгара. Итинин аты — Кумайык.*

3. Географиялык наам, жерлердин, суулардын ж. б. аталышы. *Кыштагыңын аты эсимде жок, суусунун аты Кара-Өзөн болсо керек эле.*

4. Газета-журналдарга, китептерге, мекемелерге коюлган аталыш, наам, жалпы эле энчилүү атоолор.

5. Атак, даңк. *Баштагын, балам, элирип, Аты чыккан Маманды* (Токтогул).

◆ **Аты-жөнү** — ысымы, ким экендиги, жөн-жайы. *Аты-жөнүн сураштырбай эле кой* («Советтик Кыргызстан»). **Аты тууган** — тууган деген эле наамы бар. **Аты жок** — колдун төртүнчү манжасы. **Атын сатуу** — башка бирөөнүн наамын, авторитетин пайдалануу. *Менин атымды сатып жүргөн болсо, ал киши өзү жооп берет* (Байтемиров).

АТ III *этиш.* 1. Курал-жарактан ок чыгаруу. *Мылтык атты. Замбирек атты.*

2. Көздеп ыргытуу. *Алымкул атып урган таш Тагайдын кулак түбүнө тийип, эси ооп түшкөн экен* (Абдукаримов).

3. Чегүү. *Насыбай атты.*

4. Атырыла чыгуу, атырыла жөнөө, октолуу, ыргуу, атырылуу. *Аскадан аткан булактай Акындын ыры төгүлдү* (Бөкөнбаев).

◆ **Аткан октой** — тез, ылдам, бат. **Аңкилдек атуу** *к.* **аңкилдек. Тоңкочук атуу** *к.* **тоңкочук.**

АТ IV *этиш. сүйл.* «Жат» деген көмөкчү этиштин кыскарган түрү. *Бирөө өлүп атса, бирөө күлүп атат* (макал).

АТА I *зат.* 1. Балалуу болгон эркек (балдарына карата). *Баланын атасы. Атанын сакалын сыйлоо.*

2. Жалпы эле жашап калган кишилерге кайрылганда айтылат. — *Ташбай ата*

алмасы качан болот? — деди [*Динар*] (Сыдыкбеков).

3. *миф.* Мифтик түшүнүк боюнча айрым айбандардын колдоочусу. *Чолпон ата* (койдун колдоочусу); *Камбар ата* (жылкынын колдоочусу); *Чычаң ата* (эчкинин колдоочусу); *Ойсул ата* (төөнүн колдоочусу).

◆ **Чоң ата** — баланын атасынын атасы; небересинин атасы. **Аяш ата** — досунун атасы; атасынын досу. *Эр Табылды аяш атасы уста менен сүйлөшүп турганын көрдү* («Эр Табылды»). **Тай ата** — **таята** менен бирдей. **Кайын ата** — **кайната** менен бирдей. **Ата-баба** — ата-тек; өткөн укум-тукум. *Алар өз элинин, өз ата-бабаларынын даңкын булгашкан жок* (Бөкөнбаев). **Ата конуш** *же* **ата журт** — эзелден жердеген мекен; ата мекен. *Ал элдин бир замандан берки ата конушу* (Сыдыкбеков). *Ата журтум, силерди Кантип чыдайм сагынбай* (Токтогул). **Ата мекен** — эзелден жердеген, ата-бабасы өткөн, туулуп-өскөн жер, родина. **Ата-баладай** *к.* **бала**. **Атасын таанытуу** — көргүлүгүн көрсөтүү. **Тең ата** — туугандыгы жактан бирдей даражада; бирдей укукта.

АТА II *этиш.* 1. Атын, ысмын айтуу. *Улам бир баланын атын атап, Нина Леонтьевна ага суроо жаңыртат* (Сыдыкбеков).

2. Арноо, арнап коюу; багыштоо.

АТА III *сырд.* Каалоону же өкүнгөндүктү билдирүүдө колдонулат, атаганат. *Ата, ошо келсе болот эле! Ата, балам, сага жаман болгон экен!*

АТАА ата III менен бирдей.

АТААНДАШ *этиш.* Бирине-бири эрегишүү; биринен бири калышпоого тырышуу. *Айылда жаштайынан бирге өскөн Марзия менен Каныйпа аябай атаандаша турган* (Абдумомунов). *Бирок эки байтерек өкөө бирдей бирине бири атаандашкансып токол чыккан* (Айтматов). *Шарип, Сатар атаандашып окушат* (Бейшеналиев).

АТААНДАШТЫР атаандаш этишинин аркылуу мамилеси.

АТААНДАШУУ атаандаш этишинин кыймыл атоочу.

АТАГАНАТ *сырд.* Өкүнгөндүктү же кейиштүү тилекти билдирүүдө колдонулат. — *Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы!* (Баялинов).

АТАЙЛАП атайылап менен бирдей.

АТАЙЫ *такт.* Белгилүү максат менен. *Атайы эле камына чыккан турбайсыңарбы* (Сыдыкбеков). *Сөздү башкага бургусу келген Шамбет үнүн атайы бек-бек чыгарды* (Сыдыкбеков).

АТАЙЫЛАП *такт.* Атайы, атайын максат менен, биле туруп, кокусунан эмес. *Кычан атайылап келгенин билдирүү максатында айланчыктап токтоду* (Бейшеналиев).

АТАЙЫН атайы менен бирдей.

АТАК *зат.* 1. Даңк. *Кыргыздын баатыр уулу деп, Ардактуу атак алып кел!* (фольклор).

2. Наам, ат. *Сынчы деп бул адамга атак конгон* (Тоголок Молдо). *Жүз бээден алып жүз кулун, Баатыр деп атак коюптур* (Үсөнбаев).

АТАКА *зат.* Душманга качырып кирген чабуул. *Атака жасоо. Атакага баруу. Абадан жасалган атака. Атаканы кайтаруу.*

АТАКСЫЗ *сын.* Атагы жок, даңкы жок; белгилүү эмес, аты таралбаган.

АТАКТА *этиш.* Атакка, даңкка бөлөө, атагын, даңкын көтөрүү.

АТАКТАЛ атакта этишинин туюк мамилеси.

АТАКТАН атакта этишинин өздүк мамилеси.

АТАКТУУ *сын.* Даңктуу, атагы чыккан; белгилүү. *Алтымыштай атактуу, Балбандар чыкты шахтадан* (Осмонкул). *Уч-Таш — Какшаал тараптагы жайлоолордун атактуусу* (Жантөшев). *Атактуу чоң шаар.*

АТАЛ ата этишинин туюк мамилеси.

АТАЛА *зат.* Ун чалып жасалган жарма. *Загыранын кара катык жармасы, илээнди зайыптын бозолук үчүн борк эттире койгон аталасына окшоп, былжырап турган эле* (Касымбеков).

АТАЛАШ *сын.* 1. Атасы бир, энеси башка. *Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө бол* (макал).

2. Аталары бир тууган, аталары туушкан. *Тууган-туушкандары.. Шейшенин аталаш агасыныкына жыйылды* («Ала-Тоо»).

АТАЛГА аталгы менен бирдей.

АТАЛГЫ *зат.* 1. Ич жаккы мизи жарым тегерек формада келген, көбүнчө ээр чабууда, аяк чабууда ж. б. колдонулуучу керки, аспап.

2. Бозо сүзүүдө колдонулуучу башына бир укумдай жыгач туурасынан асталган таякча.

АТАЛУУ *сын.* Атасы бар. *Аталуу жетим — арсыз жетим, энелүү жетим — эрке жетим* (макал).

АТАМ: атам замандагы *же* **атам заманкы** — эзелки, эң эле илгерки, алда качанкы.

АТАМАН *зат.* 1. Революцияга чейинки Россияда: казак-орустардын аскерлеринде жана кыштактарында дайындалуучу же шайлануучу начальник.

2. Башчы. *Каракчылардын атаманы.*

АТАН I *зат.* Бычылган төө. *Атан өлсө, тайлак бар, кому жерде калган жок* (макал).

АТАН II *этиш.* Аталуу, атка конуу; аты чыгуу, белгилүү болуу. *Бала баатыр атанды* («Курманбек»). *Атанган балбан.*

АТАНТ атан этишинин аркылуу мамилеси.

АТАНУУ атан этишинин кыймыл атоочу.

АТАНЫ: атаны арман *же* **атаны кокуй** — өкүнүчтү билдирүүдө колдонулуучу сырдык сөз. *Атаны арман карылык, Алтымыш жашап карыдык* (Токтогул).

АТАРМАН *сын.* Аткыч, мерген. *Атар*

мандар бөлүнүп, Алдына түштү атмакка («Семетей»).

АТАСЫЗ *сын.* Атасы жок. *Атасыз уул — жетесиз* (макал).

АТАШ I: **аташ күрөк** — 1) от чыгаруучу, күл чыгаруучу калак; 2) *диал.* кычкач, кыпчуур.

АТАШ II: 1. ата этишинин кош мамилеси. 2. Убадалашуу, үйлөнүүгө, турмуш курууга убадалашуу, сөз бүтүү. *Эр Семетей баатырдын Аташканы Чачыкей* («Семетей»).

АТЕИЗМ *зат.* Кудайдын бар экендигин жокко чыгаруучулук, динге ишенбөөчүлүк; кудайсыздык.

АТЕИСТ *зат.* Атеизмди жактоочу.

АТЕЛЬЕ *зат.* 1. Художниктин, скульптордун, фотографтын мастерскаясы. 2. Кийим тигүүчү мастерская.

АТИЛЕС *зат.* Өң жагы жылма, жалтылдап турган жибек кездеменин сорту. *Атилес көйнөк. Атилес жууркан.*

АТКАЗ аткар менен бирдей. *Мукаш картанды колтуктап атказды* (Сыдыкбеков).

АТКАНА *зат.* Ат багылуучу жай, сарай. «*Аткканада миң тулпар Алардан тандап минсин*» *де* («Эр Төштүк»).

АТКАР I *этиш.* 1. Атка минүүгө жардам берүү, аттандыруу. *Аткарып досун колтуктап* («Эр Табылды»).

2. Жөнөтүү. *Мен аны чоң согушта жоого аткаргам* (Умөталиев).

АТКАР II *этиш.* Орундатуу, орундоо, жүзөгө ашыруу. *Элдин ишеничин абийирдүү аткар!* (Бейшеналиев). *Ар күн сайын 4—5 норма аткарган* (Осмонкул).

АТКАРУУ аткар этиштеринин ыймыл атоочу.

АТКАРУУЧУ *зат.* Бир иштн орундатуучу, иштөөчү.

Айыл аткаруучу — айылдык, селолук советтердин алдында ич ара жумуштарга жиберилүүчү чабарман.

АТКАРЫЛ аткар этиштеринин туюк мамилеси.

АТКАРЫШ аткар этиштеринин кош мамилеси.

АТКУУ аткы этишинин ыймыл атоочу.

АТКУУР чапчуур менен бирдей.

АТКЫ I *зат.* Жыгачтан көндөйлөтүлүп жүк жорунун жилигинен алгыр куштардын үчүн тазалаш үчүн жасалган түтүк.

АТКЫ II *этиш.* 1. Чапчып алуу.

2. Оозун чоң ачып тиштөө.

АТКЫЛА *этиш.* Аткы менен суу жиберип, алгыр куштардын, бүркүттүн ичин тазалоо.

АТКЫЛОО аткыла этишинин ыймыл атоочу.

АТКЫЧ *зат.* Ок атуучу курал менен куралданган жөө аскерлер бөлүгүнүн жоокери, аскер кызматчысы.

АТЛАС I *зат.* 1. Географиялык карталардын жыйнагы.

2. Таблицалардын жыйнагы. *Анатомиялык атлас. Ботаникалык атлас.*

АТЛАС II атилес менен бирдей. *Атлас көйнөк.*

АТЛЕТ *зат.* 1. Күч колдонуу көнүгүүлөрүн жасоочу цирктин артисти же спортсмен; чың денелүү, алибеттүү, күчтүү киши.

2. Атлетика менен иришүүчү спортсмен.

АТЛЕТИКА *зат.* Шамдагай, күчтүү, чыдамкай болууга көнүктүрүүчү гимнастикалык машыгуулардын жыйындысы.

Жеңил атлетика — чуркоо, секирүү, диска, ядро ыргытуу сыяктуу көнүгүүлөрдү өз ичине алган спорттун түрлөрү.

АТМОСФЕРА *зат.* 1. Жерди жана айрым планеталарды курчап турган газ сыяктуу катмар.

2. *сүйл.* Аба.

3. *өт.* Айланадагы шарт.

4. *физ.* Газдын басымын өлчөөдө колдонулуучу чоңдук, бирдик.

АТМОСФЕРАЛЫК *сын.* Атмосферага таандык. *Атмосфералык басым.*

АТОМ *зат.* Ядро жана электрондордон турган химиялык элементтин эң эле майда бөлүкчөсү.

АТОМЧУ *зат.* 1. Атомдук энергия жагынан специалист.

2. Атомдук бомбаны колдонууну жактоочу.

АТОО ата этишинин ыймыл атоочу.

АТООЧ *зат. грам.* Заттын атын, сынын, санын билдирүүчү жана алардын ордуна колдонулуучу сөздөр: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч.

АТПАЙ *такт.* Жалпы, бардык, бүткүл. *Атпай кыргыз көп туган Эл сеники, Семетей!* («Семетей»).

АТТА *этиш.* 1. Бир перседен арыштап өтүү; секирип өтүү. *Карыя жөөктөн ылдам аттады* (Аалы). *Рельстен рельсти аттап, бир киши келе жатты* (Сасыкбаев).

2. Кере кадам шилтөө, басуу. *Акман эми салмак аттап, безилдеген Какылдакка утурлады* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Белгилүү бир чектен (жаштан) өтүү. *Жашы алтымышты аттаган абышка.*

Ала кылын аттабоо — эч жамандык кылбоо, кара санабоо.

АТТАМАК *зат.* Суунун аттап өтүүгө ыңгайлуу жери. *Силер аттаган аттамактан мен деле аттайм* (Сыдыкбеков).

АТТАН *этиш.* 1. Атка минүү. *Кырк жигитке сыр бербей, Эр Курманбек аттанды* («Курманбек»).

2. Жөнөө. *Уландар казатка аттанышты* (Сыдыкбеков).

3. Күрөшкө, кандайдыр бир ишке чыгуу, бет алуу. *Ызырынган зулум кулактар менен салгылашууга аялдар да биз менен бирге аттанышты* (Бектенов).

Аттанып түшүү — иштин жөнүн жакшы билүү. *Өңгөнү билбейм, анан малдын оорусуна калганда, аттанып түшөм го!* (Байтемиров).

АТТАНДЫР аттан этишинин аркылуу мамилеси.

АТТАНТ аттандыр менен бирдей.

АТТАНУУ аттан этишинин ыймыл атоочу.

АТТАТ атта этишинин аркылуу мамилеси.

АТТАШЕ *зат.* Дипломаттык өкүлдүктүн алдындагы белгилүү бир иш боюнча специалист-консультант киши. *Согуштук атташе. Соода атташеси.*

АТТЕҢ *туурасы:* **аттиң.**

АТТЕСТАТ *зат.* 1. Окуу жайын бүтүргөндүк, илимий же атайын наам берилгендик жөнүндөгү күбөлүк. *Жетилүү аттестаты. Профессордун аттестаты.*

2. Аскер кызматкерине ага тиешелүү бардык нерселерди алууга укуктуулугун күбөлөгөн документ.

АТТИГИНАЙ аттиң менен бирдей.

АТТИГИНИҢ аттиң менен бирдей.

АТТИҢ *сырд.* Өкүнүүнү, кайгыруунуу билдирүүдө колдонулат. *Сөөгү жашый түшкөн Шамбет: — Ой аттиң-ай! — деп.. көзүн сүрттү* (Сыдыкбеков).

АТТУУ I *сын.* Бирдеме деп аталгандыкты, белгилүү бир атта болгондукту билдирүү үчүн колдонулат. *Каныбек аттуу бейтааныш баланын ким экенин ким айтат* (Жантөшев). *Айланып, Каркыра аттуу жерге келдим* (Осмонов).

◆ **Аттуу-баштуу кишилер** — белгилүү, атактуу, эс-акылдуу кишилер. **Жаман аттуу — жаманатты** менен бирдей.

АТТУУ II *сын.* 1. Аты бар. *Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк* (макал).

2. Ат минген, атчан. *Көп узабай аттуулардын табышы кулактарына даана угулду* (Жантөшев).

◆ **Аттуу-жөөлүү** — атчан да, жөө да; атчандары да, жөөлөрү да бар. [*Армияга баруучуларды*].. *узатып келген ага-тууганлары, эне-аталары аттуу-жөөлүү болуп.. чар тарапка тарап кетип жатты* (Байтемиров).

АТТЫР ат этишинин аркылуу мамилеси.

АТУУ ат этишинин кыймыл атоочу.

АТЧАН *сын.* Аттуу, ат минген. *Алдыдагы буурул атчан мурап бир айылдын элиндей бажылдайт* (Сыдыкбеков).

АТЧЫ *зат.* Ат багуучу, ат кайтаруучу. *Атчылар аттарын сууга айдоого камынып калыптыр* (Убукеев).

АТЫК *этиш.* 1. Аталып калуу, атка конуу. *Апаңды тартсаң, жез таңдай атыгасың* (Аалы). *«Кашаң Татыбек» деп эл оозунда атыгып жүргөну да кокусунан эмес* (Байтемиров).

2. Аты чыгуу, белгилүү болуу, аты белгилүү болуу. *Атыккан ырчы. Атыккан балбан.*

АТЫКТЫР атык этишинин аркылуу мамилеси.

АТЫЛ ат III этишинин туюк мамилеси.

АТЫМ *зат.* Насыбай чегүүдө же дарыны дүрмөттөөдө колдонулуучу өлчөм. *Бир атым насыбай. Жалгыз атым дары.*

◆ **Бута атым** *к.* **бута II**

АТЫР *зат.* Спирт кошулуп жасалган жыпар жыттуу суюктук.

АТЫРЫЛ *этиш.* I. Алга катуу умтулуу, катуу умтула жөнөө, жулкуна умтулуу, окторулуу. *Шиберди жойкуп атырылган жылан Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков). *Арышын керип тайгандар Атырылып жүгүргөн* (Үмөталиев).

2. Окторулуп оргуштоо, катуу оргуп чыгуу, катуу агуу. *Булактын суусу атырылып чыгып жатат. Тоо суусу атырылып агып жатат.*

3. Жулкунуу, адыраңдоо, адыраңдап өкүм сүйлөө. — *Сиз жөнү жок эле атырыла бересизби?* (Убукеев).

АТЫРЫЛТ атырыл этишинин аркылуу мамилеси.

АТЫРЫЛУУ атырыл этишинин кыймыл атоочу.

АТЫШ *этиш.* Бири-бирине каршы ок чыгаруу; бири-бирине каршы ок атуу. *Үйрөнгөн жоо атышарга ийги* (макал).

АТЫШТЫР атыш этишинин аркылуу мамилеси.

АТЫШУУ атыш этишинин кыймыл атоочу.

АУ *сырд.* Бирөөгө үн салууда, алыска кыйкырууда колдонулат. *Кыйкырды алда кимге: ау! ау!* (Аалы).

АУДИТОРИЯ *зат.* 1. Лекция, доклад окула турган жай.

2. Лекция, доклад, сөз угуучулардын жалпы аталышы.

АФИША *зат.* Боло турган спектакль, концерт, лекция ж. б. жөнүндөгү жарыя. *Кино, театрларда кандай оюндар көрсөтүлөрү жазылган кооз афишаларды окуштуу* (Бейшеналиев).

АФОРИЗМ *зат.* Кыска, өткүр, курч сөздөр.

АФФИКС *зат. грам.* Сөз мүчөлөрү. Мисалы: *-чы, -кер, -га, -да* ж. б.

АХ *сырд.* Кубанганда, таң калганда, өкүнгөндө колдонулат. *Ах, эмне деген көркөмдүк!* (Сыдыкбеков). *Ах, эсимден чыккан, — деди Люба* (Сыдыкбеков).

АЧ I *сын.* 1. Тамак жебеген, оокат ичпеген, ачка. *Ач карышкыр. Кардым ач.*

2. Ээн, эч нерсе жок. *Ач бел. Ач талаа.*

◆ **Ач-арык** — начар, жармач. **Ач көз** *к.* **көз. Ач карын** *к.* **карын. Ач кыйкырык** — кулак-мээни жарган катуу кыйкырык, кулак жаңыртканкатуу кыйкырык. **Ач билек** — ичке, назик кол. **Ач болот** — курч кылыч. **Ач күзөн** *к.* **күзөн.**

АЧ II *этиш.* 1. Жабык турган абалдан ачык абалга келтирүү. *Терезөмди ачтым дагы, Кремлди көрдүм мен* (Маликов).

2. Кандайдыр бир мекемени, уюмду ж. б. түзүү, уюштуруу. *Мектеп ачты. Жаңы уюм ачтык.*

3. Мурун айкын болбогон нерсени табуу, айкындоо. *Азыркы илим атом энергиясынын сырын ачты* («Советтик Кыргызстан»).

4. Баштоо, ачык деп эсептөө. *Абылов жыйналышты ачты.*

5. Ашкерелөө. *Төрөнүн бетин ачып, маскаралап, Кылмышын калтырбастан чукуп салат* (Маликов).

6. Жазылуу, жайылуу. *Байчечекей гүл ачты.*

7. Бүктөлүү, жабылуу нерсени жазуу, одоруу, жаюу. *Алтындай китеп сен ачып, Ар күнү окуп жатканың* (Маликов).

8. Жазылган, жайдары абалга келүү, кайгысын, капасын жазуу, таратуу, түнөрбөгөн абалга келтирүү. *Көңүлүн ачты. Кабагын ачты. Көөнүн ачты. Кайгысын ачты.*

◆ **Көз ачып көргөн бала** — биринчи төрөгөн бала, биринчи төрөлгөн бала. *Эч болбогондо көз ачып көргөн баласын маңдайынан бир сүйсөчү* (Сыдыкбеков). **Көз ачуу** — жаңыдан таанып биле баштоо; окуганды билип калуу. *Тагынып билим деген өткүр жарак Көз ачып аны менен алга барат* (Абдыраманов). **Көзүн ачуу** — кандайдыр бир сыр көрсөтүү, сес көрсөтүү, коркуткандыгын билдирүү маанисинде колдонулуучу сөз. *Алтыкпагын, Талым кыз, Ачмак болдум көзүңдү!* (Тоголок Молдо). **Ооз ачуу** — 1) бирдеме деп сүйлөө, сөз айтуу, анча-мынча бир нерсе айтуу. *Ооз ачкан жок. Кыңк этип ооз ачпады*; 2) орозо маалында кечкисин же таңкысын тамак ичүү; тамак ичип коюу. **Оозун ачып калуу** — таңданып калуу, эмне кыларын билбей калуу. *Марфа.. күюлуштура сүйлөгөндө Ашыр оозун ачты да калды* (Сасыкбаев). **Сабатын ачуу** — окуганды, жазганды билип калуу, окуй жана жаза билүүгө үйрөнүү. *Карысаң да Бизге, энеке, керексиң, Сабатыңды ачып кетем, окусаң!* (Турусбеков).

АЧА I *зат.* Картанын төрт түрүнүн жүрөк формасындагы бир түрү. *Ачанын тузу.*

АЧА II *сын.* Учу экиге айрылган; экиге ажыраган. *Ача бакан. Ача жол.*

◆ **Ача туяк** — туягы экиге ажырап турган сүт эмүүчү жаныбарлар. **Эки ача** — 1) экиге айрылган; 2) эки түрдүү, бир беткей эмес, эки анжы. *Ал эки ача сүйлөбөгөн.. жигит болгон* (Бөкөнбаев). *Ой эки ача болуп турат.*

АЧАКЕЙ I *сын.* Экиге айрылган, эки ача болгон. *Ачакей таштын түбүндө Арчатору көрүнөт* («Эр Табылды»).

АЧАКЕЙ II: ачакей-жумакей — чүкө өкчөп, маңжаларды жуумп, кайра ачып ойноочу оюн.

АЧАКЕЙЛЕ *этиш.* Экиге бөлүү, экиге ажыратуу, ачакей кылуу.

АЧАКЕЙЛЕН ачакейле этишинин өздүк мамилеси.

АЧАКЕЙЛЕТ ачакейле этишинин аркылуу мамилеси.

АЧАКЕЙЛӨӨ ачакейле этишинин кыймыл атоочу.

АЧАЛУУ *сын.* Ачасы бар, эки ача болгон. [*Ашыр*] *Бургунун учун катмарга такап, ачалуу түбүн көкүрөгүнө жөлөп, чөгөлөй олтурду* (Сасыкбаев).

АЧАРЧЫЛЫК *зат.* Ачкачылык, тамак-аш жетишпегендик, тамак-ашка тартыштык. *Баланын ата-энеси ачарчылыкта ачтан өлүптүр* (Бөкөнбаев).

АЧКА *сын.* Тамак жебеген, оокат ичпеген, курсагы ач. *Алты күн ачка калсаң да, атаңды сыйла* (макал).

АЧКАЛЫК *зат.* Оокат ичпегендик, ачка болгондук.

АЧКАЧЫЛЫК ачарчылык менен бирдей.

АЧКЫЛ *сын.* 1. Кычкыл, кычкыл даамдуу.

2. Ачытылган жарма, максым. *Айымбүбү сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип, Жапарга сунду* (Баялинов).

АЧКЫЧ *зат.* 1. Кулпуну ачып-жабуу үчүн колдонулуучу металлдан жасалган тетик. [*Батыш*].. *ачкычын таба албай убара болду* (Байтемиров).

2. Гайканы же башка бир тетикти ачуу, буроо үчүн ылайыкталып жасалган аспап.

3. *өт.* Белгилүү бир нерсени түшүнүүгө, сырын ачууга жардам берүүчү жол, ык. *Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда тура* (Сыдыкбеков). *Мына, таалай ачкычын колго алат деген ушул* (Сыдыкбеков).

АЧТЫР ач этишинин аркылуу мамилеси.

АЧУУ I *зат.* Каар, кыжыры кайнап каардангандык. *Ачууну акыл жеңет* (макал). *Ачуу — душман, акыл — дос, акылыңа акыл кош* (макал).

АЧУУ II *сын.* 1. Даам сезүү органдарын дүүлүктүрүп, тызылдатуучу даам, таттуунун карама-каршысы.

2. Кулакка жагымсыз, катуу чыккан (үнгө карата). *Бүбүш эне чый-пыйы чыгып, ачуу үнү менен эки-үч кыйкырып жиберди* (Таштемиров).

◆ **Ачуу-таттуунун даамын татуу** — турмушта жакшылык-жамандыкты көрүү.

АЧУУ III ачы этишинин кыймыл атоочу.

АЧУУЛАН*этиш.* 1. Каардануу, кыжырлануу, ачуусу келүү. *Жума саал ачуулана сүйлөдү* (Жантөшев).

2. Урушуп коюу. *Ага ачууланып кой.*

АЧУУЛАНДЫР ачуулан этишинин аркылуу мамилеси.

АЧУУЛАНУУ ачуулан этишинин кыймыл атоочу.

АЧУУЛУУ *сын.* Каардуу, кыжырлуу, ачуусу чукул, урушчаак. *Чыныгул үйгө ачуулуу кирди* (Жантөшев). *Ачуулуу кыши.*

АЧУУРКАН *этиш.* Кычкыл же ачуу даамды сезүү. *Жаш бала кымызды ачуурканып ичпейт.*

АЧУУРКАНТ ачууркан этишинин аркылуу мамилеси.

АЧУУРКАНУУ ачууркан этишинин кыймыл атоочу.

АЧЧЫЛЫК ачарчылык менен бирдей.

АЧЫ *этиш.* Камыр, бозо ж. б. камыр туруш, ачытқы аркылуу кычкылдануу, кычкылданып кычкыл жыт чыгып кетүү. *Чала ачыган бозодон Ачымал жакшы ун чалган* (Осмонкул).

◆ **Боору ачуу** *же* **жаны ачуу** — аёо, боору ооруу, жан тартуу. *Бышытынын*

шылкыны абдан куруганын көрүп [Мусабектин] жаны ачыды (Сасыкбаев).

АЧЫГУУ ачык этишинин кыймыл атоочу.

АЧЫК I *сын.* 1. Жабык эмес, жабылбаган. *Кызыл үйдүн эшиги ачык экен* (Сыдыкбеков).

2. Айланасында эч нерсе жок, бош, ээн. *Ат баккандар аттарын короодогу ачык жерге чыгарыптыр* (Убукеев).

3. Жашыруун эмес. *Ачык добуш берүү. Ачык нааразылык көрсөтүп чыгуу.*

4. Каалоочулардын баары катыша турган. *Партиянын ачык чогулушу.*

5. Булутсуз, эч булут жок. *Асман саратан жайдагы Соң-Көлдүн түзүндөй мелтиреп тунук, ачык* (Бейшеналиев).

6. Даана, айкын. *Коңуроодой ачык үнүн чыгарып бирдемелерди айтып калат* (Сыдыкбеков).

7. Уялчаак эмес, айтар оюн шар айткан, ичинде сактабаган. *Адыл — ачык мүнөздүү.. салмактуу жигит* (Сыдыкбеков).

◆ **Айдан ачык** — *к.* **ай I. Кабагы** *же* **көңүлү ачык** — көңүлү көтөрүңкү, шат, көңүлдүү. **Ачык-айрым** — оюн ачык айткан, сыр сактабаган, жайдары. **Ачык ооз** — аркы-беркини көп байкабаган, аңкоо, элегей. **Колу ачык** — берешен, март, жоомарт, эч нерсени аябаган. **Көзү ачык** — 1) диний түшүнүк боюнча: ар кандай жин, шайтанды ж. б. көрө билген. *Мазардын ээлери көзү ачык бакшыларга көрүнөт* (Аалы); 2) көптү билген, келечекти көрө билген, ар нерседен кабары бар. *«Кум бириксе таш болот, кул бириксе баш болот», — дечү экен көзү ачык бабаларыбыз* (Аалы). **Көзү ачык кетүү** — *к.* **көз. Маңдайы ачык** *же* **ачык жүздүү** — жайдары, пешенелүү; көңүлү куунак.

АЧЫК II ачуу II менен бирдей.

АЧЫК III *этиш.* Курсагы ачуу. *Манас сага келгени, Арык элек семирдик, Ачыккан элек, тоюндук* («Манас»).

АЧЫКТЫР ачык этишинин аркылуу мамилеси.

АЧЫЛ ач этишинин туюк мамилеси.

АЧЫМАЛ *зат.* Угут ордуна ун чалып ачытылган суусундук тамак, максым. *Чала ачыган бозодон, Ачымал жакшы ун чалган* (Осмонкул).

АЧЫТ ачы этишинин аркылуу мамилеси.

АЧЫТКЫ *зат.* Максымды, камырды ж. б. ачыта турган, кычкылданта турган көрөңгөсү, камыр туруш ж. б. *Ачыткы сурап келсең, Сапар сага сонун максым жасап берет* (Бейшеналиев).

АЧЫШ I *этиш.* Дүүлүктүрүүчү, ачуу таасирден улам сезүү органдары тызылдап дүүлүгүп чыгуу. *[Динардын].. көздөрүнүн кычыктары ачышып, каректерин жаш чайды* (Сыдыкбеков).

◆ **Ичи ачышуу** *же* **жүрөгү ачышуу** — **ичи күйүү, ичинен сызуу, аянычтуу сезүү,** аёо. *Эртең саякатка барбай калсак жаман болду деп ичи ачышты* (Сыдыкбеков). *Ансайын жигиттин жүрөгү ачышат* (Сыдыкбеков).

АЧЫШ II ач этишинин кош мамилеси.

АЧЫШТЫР ачыш I этишинин аркылуу мамилеси.

АЧЫШУУ ачыш этишинин кыймыл атоочу.

АШ I *зат.* 1. Тамак, оокат. *Ашым калса калсын, ишим калбасын* (макал).

2. Кээ бир өсүмдүктөрдүн мөмөсү, жемиши. *Долоңо, четин аштары Мончоктой кызыл мөлтүлдөйт* (Аалы).

3. Бир жылдан кийин өлгөн кишини эске алып, берилүүчү тамак, тамак берүү салты. *Ашка барсаң ачып бар, тойго барсаң тоюп бар* (макал). *Аш — аттуунуку, той — тондуунуку* (макал).

4. Палоо. *Аш демделди.*

◆ **Ичкени аш болбоо** — 1) ичкен тамагы сиңбөө; 2) тамак ичкенинен артыгы чыгуу. **Сен дегенде ичкен ашын жерге коё коёт** — абдан сыйлагандыгын, кадырлагандыгын же самап, дегдеп, ак эткенден так эткендигин билдирүү иретинде колдонулат. **Аш бышым** *к.* **бышым. Аш айран** *к.* **айран.**

АШ II *этиш.* 1. Тоодон, ашуудан ж. б. ары өтүү. *Ашуусу бийик тоо ашты, Агыны катуу суу кечти* («Эр Төштүк»).

2. Белгилүү бир чектен, өлчөмдөн ж. б. өтүү. *Арыктан аша жулкунуп Агын суу жатат шаркырап* (Нуркамал). *Жыйырмадан жаңы ашкан Жигит эле эр жеткен* (Бөкөнбаев).

3. Артуу, ашык болуу. *Пландан ашты.*

◆ **Ишке, жүзөгө** *же* **турмушка ашуу** — орундалуу. **Таң ашуу** — алыс жол жүрүп келгенден кийин чөп жебей кантара байланып туруу (жылкыга карата).

АША I *этиш. сүйл.* Чоң-чоң сугунуу. *Күмүш бээ саагында Токтогул суттүн көбүгүн кочушуна толтуруп ашап-ашап алат да, көнөктүн бирөөнү көтөрүп жөнөйт* (Аалы).

АША II *такт.* Өтө, абдан. *Ак каңкы ээр ылайык Аша чуркар күлүккө* (Маликов).

АШАМ *сын.* Бир сугунум, сугум. *Бир ашам эт.*

АШАР *зат.* Өз ара жардамдашуу иретинде берилүүчү кол кабыш, көбүнчө эл чакырып тамак-аш берип, кандайдыр бир ишти бүтүрүүгө жардамдашуучулук. *Ашарга журтун жыйдырып* («Манас»).

АШАРЧЫ *зат.* Ашарга катышкан киши.

АШАТ I *этиш.* Теринин ички бетине ашаткы сыйпап күнгө коюп, терини иштетүүгө даярдоо.

АШАТ II *этиш.* 1. Сугунтуу. *Эт ашат, ашатсаң, беш ашат* (жаңылмач).

2. *өт.* Жаман сөздөр менен тилдөө, сөгүү. *Айдараалы Тоозакты абдан ашата тилдеп баратты* (Абдукаримов).

АШАТКЫ *зат.* Терини ашатуу үчүн пайдаланыла турган ачуу айрандын, улпактын ж. б. аралашмасы. *Кырк эчкинин териси Ашаткыга жатыптыр, Чыгы менен катыптыр* («Манас»).

АШАТУУ ашат этиштеринин кыймыл атоочу.

АШҚАБАК *зат.* Жерге желе таштап төшөлө өсүүчү өсүмдүк жана анын тамак, тоют үчүн жумшалуучу ири мөмөсү. *Күзүндө атамдын ашкабагынан казандай болгон бирөөнү сурап берем* (Бейшеналиев).

АШҚАНА *зат.* 1. Тамак бышырууга ылайыкталган бөлмө. *Ашканасы өзүнчө бөлмөлүү үйүң бар эле* (Сыдыкбеков).

2. Көпчүлүк үчүн тамак-аш даярдап сатуучу жай, столовая. *Кендеги ашканада иштөөчү Марфа.. жумушчулардын арасында бат эле кадырга ээ болду* (Сыдыкбеков).

3. Боз үйдүн оң жак капталындагы чий менен тосулуп, ичинде идиш-аяк, оокат туруучу бөлүк. *Ашкана тараптагы жупуну кийинген аял өчүп бара жаткан отко тезек жаңыртып калады* (Жантөшев).

АШҚЕБИ *зат.* Ичип-жегенди гана билген, өз колунан келбеген, иш кылбаган киши. *Ашкеби деп аталып, Алты аяк ашка тойбогон* (Тоголок Молдо).

АШКЕРЕ 1. *такт.* Айкын, ачык; белгилүү. *Бул үч булбулдуку эмес экендиги ашкере болду* (Жантөшев).

2. Абдан өткөрө, өзгөчө. *Ашкере баатыр Табылды Кырга чыгып барды эми* («Эр Табылды»).

АШКӨРЕЛЕ *этиш.* Айкындоо, ачып көрсөтүүгө бетин ачуу. *Кийиминин өтө жупунулугу турмушунун начар экендигин ашкерелеп турат* (Жантөшев). *Большевиктер эсерлердин кылмыштарын ашкереледи* (Сасыкбаев).

АШКЕРЕЛЕТ ашкереле этишинин аркылуу мамилеси.

АШКЕРЕЛӨӨ ашкереле этишинин кыймыл атоочу.

АШМАЧЫ *зат.* Тамак-аш бышыруучу. *Анархандын ашмачы кызы Дарыяханды бир жолу жолуктурду* (Жантөшев).

АШМУШКЕ *зат.* Кадактын сегизден бир бөлүгү. *Бир ашмушке чай.*

АШНА *зат.* Мамилелеш, мамилеси жакын киши.

АШПОЗ *зат.* 1. Тамак-аш жасап сатуучу жай. *Ашпоздон мантуу жыты бурулдады* (Аалы).

2. *сүйл.* Ашпозчу. *Пияз аарчыгыч болуп иштеп, балким, бара-бара ашпоз болуп кетермин деп ойлодум* (Абдукаримов).

АШПОЗЧУ *зат.* 1. Ашпоз кармоочу.

2. Ашпоздо тамак-аш даярдоочу.

АШТА *этиш.* Бир нерсени экинчи нерсеге эп келтирип кийгизүү, бекитүү. [*Акман*].. *жаңы аштаган кетменинин сабын тегиздеп копшоодо* (Сыдыкбеков).

АШТАЛ ашта этишинин туюк мамилеси.

АШТАМА *сын.* Ашталып жасалган, аштап коюуга ылайыкталып жасалган. *Аштама керки. Аштама сузгу.*

АШТАТ ашта этишинин аркылуу мамилеси.

АШТОО I *зат.* **Малга жем, суу берүүгө ылайыкталып жыгачтан жасалган ноо.** [*Аттардын*].. *аштоосуна сулу төгүп салыптыр* (Аалы).

АШТОО II ашта этишинин кыймыл атоочу.

АШТЫК *зат.* Дан эгиндери жана анын даны. *Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу* (макал).

АШУУ I *зат.* 1. Бийик кырка тоолордун адам өтүүгө боло турган жери. *Сол жагыбыздан Беш-Таш ашуусу көрүндү* (Бөкөнбаев).

АШУУ II аш II этишинин кыймыл атоочу.

АШУУН *такт.* Ашыгыраак, бир аз ашык. *Барман эли да миң түтүндөн ашуун* (Сыдыкбеков).

АШЫГУУ ашык этишинин кыймыл атоочу.

АШЫГЫЧ *туурасы:* **ашыгыш.** Шашылыш, ашыгыш. *Анархандын келишин ашыгыч менен күтүүдө* (Жантөшев).

АШЫГЫШ *сын.* Шашылыш, ашыгыпшашылгандык. *Ашыгыш ишке бараттым эле* (Сыдыкбеков).

АШЫК I *зат.* 1. Сүйгөн адам. *Ашык жары Кишимжан Ак үйдөн чыкты керилип* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ашыгым жоону жеңип, мөөрөй алган* (Нуркамал).

2. Абдан берилгендик. *Жан жүрөктү өнөргө Ашык кылган мугалим* (Бөкөнбаев).

АШЫК II *зат.* Чүкө. *Ашык атып ойногон, Балдар аман жатабы?* («Семетей»).

◆ **Ашыгы алчы туруу** — иши оңолуу, оңтой берди болуу. *Эгиндүүлөрдүн ашыгы алчы туруп, өтө кылдаттык менен туйтуна башташты* (Абдукаримов). **Кызыл ашык** — буттун башы менен шыйрактын төмөнкү учунун кошулган жери.

АШЫК III *такт.* 1. Артык, көп, арбын. *Эпкиндүү келин Бурмажан, нормасын ашык бүтүрөн* (Осмонкул).

2. Белгилүү бир чектен, нормадан четке чыгып кеткен, ашкере. *Ашык сөздү сүйлөбөй азыраак гана тыным ал* (Бөкөнбаев). *Сергей эмнегедир «ашык айтып койдумбу» деген кишиче чочуп, сөзүн айтпай токтоло калды* (Сыдыкбеков).

3. Жогору, өйдө. *Өлгөн жолборстон тирүү чычкан ашык* (макал).

АШЫК IV *этиш.* Шашуу, шашылуу. *Ашыккан ашка бышкан* (макал). *Өзүм да билбейм, ашыгып сүйлөдүм* (Сыдыкбеков).

АШЫКТЫК I *зат.* Бирөөнү сүйүп калгандык, бирөөгө көңүлү түшкөндүк, ашык болуучулук. *Ашыктыктан ырдасам, Уяласың, Мырзайым!* (Барпы).

АШЫКТЫК II *зат.* Көптүк, артык баштык. [*Айнаш*].. *азыркы менин айта турганымды уксаңыз ашыктык кылбас* (Жантөшев).

АШЫКТЫР ашык этишинин аркылуу мамилеси.

АШЫКЧА *такт.* **1. Көп, көбүрөөк, арбыныраак.** *Анын мындан ашыкча малмүлк кылайын деген деле ою жок* (Абдукаримов).

2. Артыкча, чектен тыш. *Ашыкча сүйлөп жибердиң.*

АШЫН *этиш.* Күчөө, арбуу. *Биздин элдин кубаты барган сайын ашынган* (Барпы).

АШЫНА ашна менен бирдей.

АШЫНТ ашын этишинин аркылуу мамилеси.

АШЫНУУ ашын этишинин кыймыл атоочу.

АШЫР аш этишинин аркылуу мамилеси.

АЭРОВОКЗАЛ *зат.* Аэропорттун вокзалы.

АЭРОДИНАМИКА *зат.* Абанын жана башка газдардын кыймылын жана ал газдардын телолорго болгон каршылык күчүн үйрөнүүчү илим.

АЭРОДРОМ *зат.* Учуучу аппараттар турууга, учууга, конууга ылайыкталган тиешелүү жасалгалары бар аянтча, орун.

АЭРОКЛУБ *зат.* Авиа ишин үйрөнүүчүлөргө, ошол тармакта иштөөчүлөргө арналган клуб.

АЭРОНАВИГАЦИЯ *зат.* Учуучу аппараттарды белгиленген жол боюнча алып баруу жөнүндөгү илим.

АЭРОПЛАН самолёт менен бирдей.

АЭРОПОРТ *зат.* Транспорттук авиацияны регулярдуу учууларын камсыз кылып туруу үчүн зарыл болгон бардык жасалгалары бар аба линиясынын трассасына жайгашкан аэродром.

АЭРОСТАТ *зат.* Абдан жеңил газ толтурулуп, ошонун аркасында аба мейкиндигине көтөрүлүп жана кармалып турууучу аппарат; аба шары.

АЭРОСЪЁМКА аэрофотосъёмка менен бирдей.

АЭРОФОТОСЪЁМКА *зат.* Самолёттон фотографиялык жол менен жердин сүрөтүн алуу.

АЮУ *зат.* Сүт эмүүчүлөр тобуна кирүүчү ири жырткыч айбан. *Күрөң аюу. Ак аюу.*

АЯ *этиш.* 1. Боор ооруу, жаны ачуу. *Жоо аяган—жаралуу* (макал). *Динарды азыр чоң эне өз ичинен аяды* (Сыдыкбеков).

2. Кыйсыы келбөө, ыраа көрбөө, бергиси келбөө. *Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи!* (макал). *Берем, бербей кантип коёюн, Андрейден аяган тамак курусун* (Байтемиров).

АЯБАЙ *такт.* Эң көп; абдан. *Аябай жедим. Аябай кургады. Аябай ыраазы болду.*

АЯГЫ *зат.* Акыры, соңу, бүткөн жери. *Бешинчи сүрөттүн жана экинчи көшөгөнүн аягы.*

АЯГЫНДА *такт.* Акырында.

АЯЗ *зат.* 1. Таза, тунук, ачык. *Аяз көк. Аяздын көркү музда бар, Алгырдын көркү кушта бар* (Токтогул).

2. Бетти тызылдаткан катуу суук, ызгаар. *Бийик чокулардан соккон ызгаардуу аяз чыкылдап, бети-башты жалап-жуктайт* (Абдумомунов).

◆ **Темир аяз — чыкылдаган ызгаардуу, абдан катуу суук.** — *Асман айнектей болуп, жылдыз жаркырап, темир аяз болуп турган экен го?* (Жантөшев).

Мүйүз аяз — темир аязга караганда басаңыраак суук. **Кийиз аяз** — анчалык катуу эмес суук. **Аяз ата** — жомоктордо: ак тон кийинген ак сакалдуу абышка катарында элестетилген сууктун элеси. *Келди кошо кычырап Аяз ата ак сакал* (Үмөталиев).

АЯЗДУУ *сын.* Ызгаардуу суугу бар, аяз болуп турган. [*Сагындык*].. *аяздуу түндөгү бийик үнү, аскаларды жаңыртып, алда кайда кетет* (Жантөшев).

АЯК I *зат.* 1. Бут. [*Чолпондун*].. *күндөгүдөн караганда аяк шилтеши да ыкчам болуп кетти* (Байтемиров).

2. Ар кандай буюмдардын, мебелдердин жерге тийип туруучу бөлүгү, буту. *Столдун аягы. Скамейканын аягы.*

3. Акыры, соңу. *Август айынын аяк чени. Каныбек мукамдуу обонду салып, аягын созолонтуп барып бүтүрдү* (Жантөшев).

◆ **Аягы асманга чыгуу** — быт-чыт болуу, таш-талканы чыгуу, кыйроо. *Алар кылт коюп башка бирөөлөргө кошулуп кетишсе, биздин аягыбыз асманга чыгат* (Жантөшев). **Аяк ылоо** — минип жүрүүгө жарай турган начарыраак унаа. *Ат табылганча аяк ылоо* (макал). **Аяк басуу** — белгилүү бир жаштан экинчи бир жашка бет алуу, өтүү. *Алтымыш ашып жетимишке аяк баскан кезим бул* («Эр Табылды»). **Аягы сай таппоо** — бир жерге байыр алып токтобоо, бир жерге турбоо. **Аягы менен тик туруу** — алыжаны калбай, кызмат көрсөтүү, кызмат кылуу. *Билесиң Назар досуңду Аягы менен тик турат* (Барпы). **Жалгыз аяк жол** — бир киши гана жүрө турган тар жол. **Кер аяк** *же* **терс аяк** — каяшачыл, тил албаган; кежир. **Кырк аяк** *же* **миң аяк** — көп буттуу курткумурскanын бир түрү. **Аяк өдө** — төмөндөн жогору, ылдыйдан өдө карай; аяк жагынан баштаган жагын карай. *Көчөттү аяк өдө отургузуп келатышкан Сабырлар бул кезде аянттын башына чыгып калышкан* (Сыдыкбеков). **Баштан аяк**—башынан аягына чейин; бүт.

АЯК II *зат.* Жыгачтан тегерек оюп жасалган идиш. *Өлбөгөн киши алтын аяктан суу ичет* (макал). *Жаманга чоң аягыңды көрсөтпө* (макал).

◆ **Ит аяк** — итке тамак куюп берилүүчү идиш. **Жан аяк** — 1) жол жүргөндө алып жүрүүчү аяк; 2) насыбай ийлөө үчүн жыгачтан оюп жасалган идиш. **Ажыраш аяк** — башка жакка көчүп кетүү алдында жолдош-жоролорун, тааныштарын чакырып берген тамак.

АЯК III *такт. сүйл.* Ал жак, ошол тарап, башка жак. *Ашым аяктан келе элек.*

АЯККЫ *сын.* Акыркы, соңку; арт жагындагы.

АЯКТА *этиш.* 1. Буттап жиберүү, буттан жөлөө. *Тышка чыгып [Бурмаке] мени аяктап, учкаштырып койду* (Элебаев).

2. Аягына чыгуу, бүтүү, бүтүрүү. *1942-*

жылдын жай айлары аяктап калган (Жантөшев).

АЯКТАЛ аякта этишинин туюк мамилеси.

АЯКТАТ аякта этишинин аркылуу мамилеси.

АЯКТОО аякта этишинин кыймыл атоочу.

АЯЛ I *зат.* Эркектин жубайы, жынысы жагынан эркектердин карама-каршысы. [*Жүкөштүн*].. *аялы өзүнөн бетер эстүү киши* (Сасыкбаев). *Кандай аял тууду экен Лениндей уулду* (Токтогул).

АЯЛ II *зат.* Токтолуп туруучулук, күтүп туруучулук, жай тартуучулук. *Атка камчы урду эми, Аял кылбай жүрду эми* («Эр Табылды»).

АЯЛДА *этиш.* Токтоло туруу, күтө туруу, жай тартуу. *А биз мында аялдап, Арттан бир аз кабар алып кайталык* («Ала-Тоо»).

АЯЛДАТ аялда этишинин аркылуу мамилеси.

АЯЛДОО аялда этишинин кыймыл атоочу.

АЯЛМЕТ: жаш аялмет — жаш балдарлуу, жаш бала-чакалуу.

АЯЛУУ *сын.* Аяган, бергиси келбеген, аянычтуу. *Аялуу буюм.*

АЯН I *зат.* Алдын ала билинген белги. *Түшүндө аян берүү.*

АЯН II ая этишинин өздүк мамилеси.

АЯНТ *зат.* 1. Белгилүү бир жердин, мейкиндиктин үстүнкү бети, белгилүү бир өлчөмдөгү жер. *Айдоо аянты. Беш гектар аянттагы буудай.*

2. Үстүнө курулуш курулбаган, атайын максаттарга пайдаланылуучу мейкиндик, орун. *Борбордук аянт. Кызыл аянт.*

АЯНЫЧ *зат.* Жаны ачыгандык, боору ооругандык, аягандык. *Чоң эненин.. үнү карегылданып, аяныч менен угулду* (Сыдыкбеков).

АЯНЫЧТУУ *сын.* 1. Боору ооруй тургандай, жаны ачуй тургандай, жанды кейите турган. *Кемпирдин аянычтуу сөздөрү Токтогулду туткундап алгандай болду* (Аалы).

2. Аяй турган, аялуу. *Аянычтуу буюмдарын.. унааларга элбий-селбий жүктөштү* (Жантөшев).

АЯҢ *зат.* Акырын же жайыраак баскан басык, жүрүш. *Ашыр аттын аяңына жараша арыштап, кыйкырып коюп келе жатат эле* (Сыдыкбеков).

АЯҢДА *этиш.* Жай басуу; шашпоо. *Кечээтен бери аяңдап отуруп, Ушул жерге араң келдим* (Жантөшев).

АЯҢДАТ аяңда этишинин аркылуу мамилеси.

АЯҢДОО аяңда этишинин кыймыл атоочу.

АЯР I *сын.* Айлакер, сыйкырчы, келечегин алдыртан ойлоп билген амалкөй. *Сыйкырчы кемпир бар эле, Эл азгырып бүлдүргөн Абдан аяр жан эле* («Эр Төштүк»). *Ашкан аяр Карагул, Алгараны алкынтып, Өзү минип бастырды* («Семетей»).

АЯР II аял II менен бирдей.

АЯРДА *этиш.* Этият кылуу, абайлоо; аялдоо. [*Каныбек*].. *вагондун туткасын кармап, сол бутун аярдап келип тепкичке койду* (Жантөшев).

АЯРДОО аярда этишинин кыймыл атоочу.

АЯРДЫК *зат.* Айлакердик, амалкөйлүк; алдын ала билгичтик.

АЯРЛА аярда менен бирдей.

АЯТ *зат.* Курандагы ыр, курандын бир главасы.

АЯШ *зат.* 1. Дос, досунун аялы. *Алтын айнек нур жүздүү, Аккан аяш аманбы* («Курманбек»).

2. Күйөөсүнүн досуна, досунун аялына, ата-энесине ж. б. кайрылуу иретинде колдонулуучу сөз. — *Ой Көчөр, баса, аяш менен таанышпырбайсыңарбы?* (Бейшеналиев). *Аяш ата . Аяш эне.*

Б

БАА I *зат.* 1. Бир нерсенин (товардын) акча менен же башка бир затка теңештирүү аркылуу көрсөтүлгөн наркы. *Товарлардын чекене баасы. Тогуз улак бириксе, Баасы жалгыз тайдай жок* (Токтогул).

2. Бирөөнүн же бир нерсенин сапатын белгилөө үчүн берилген маани. *Эмгегиңе баа берип, Өкмөт сизди сыйлады* (Тоголок Молдо).

3. Окуучунун билим деңгээлин көрсөтүүчү белги. «5» *деген баада бүтүргүн., Жыйнактап жылдык сабакты* (Нуркамал).

БАА II *сырд.* Чочуганда, катуу коркконда айтылат. *Айтып кабар бергенде, Бай бакырды «баа» деди* («Манас»).

БААБЕДИН *зат. дин.* Диндик ырым-жырымдарга байланыштуу күдай жолуна бериле турган садага. *Баабедин деп бакырды, Манас деп ураан чакырды* («Манас»).

БААЛА *этиш.* 1. Наркын, баасын коюу. *Атасы зоот аргымак, Алтынга баалап алынган* (Осмонкул).

2. Кадырлоо, урматтоо, сыйлоо. *Эр эмгегин эл баалайт* (макал).

БААЛАН 1. **баала** этишинин өздүк мамилеси.

2. Өзүн өзү жогору көтөрүү, мактануу. *Деги эле баалануп калась ың.*

БААЛАНТ баалан этишинин аркылуу мамилеси.

БААЛАНУУ баалан этишинин кыймыл атоочу.

БААЛАТ баала этишинин аркылуу мамилеси.

БААЛАШ баала этишинин кош мамилеси.

БААЛОО баала этишинин кыймыл атоочу.

БААЛУУ *сын.* 1. Кымбат, баасы жогору. *Баалуу кийим.*

2. Маанилүү, зор. *Ойлоп чыгаруучулар техникалык прогресстин ишине баалуу салым кийрип жатышат* («Коммунист»).

БААМ *зат.* Байкоо, түшүнүк, андоо, баалүү. — *Асаке, — деди Шатен, — чынын айтсам, бул күүгө баамым жетпей калды* (Далы).

БААМДА *этиш.* Байкоо, түшүнүү, баам кылуу. *Кексе кары баланын оюн баамдай койду* (Касымбеков).

БААМДАТ баамда этишинин аркылуу мамилеси.

БААМДАШ баамда этишинин кош мамилеси.

БААМДОО баамда этишинин кыймыл атоочу.

БААМДУУ *сын.* Байкагыч, баамдагыч. *Атай комузду күүлөй баштаганда эле Оторбай анын колунун эптүүлүгүн баамдуу көзү менен карады* (Қаимов).

БААР *зат.* 1. Көктөм, жаз алды. *Бала кез, көктөм убак, жазгы баар* (Осмонов). *Азуусу бар айбандар, Бу дагы төлдөйт баарда* (Тоголок Молдо).

2. Ыракат, бакыт. *Ар ким өз эмгеги менен баар таап, сүйгөнү менен өмүр сүрсө, кандай сонун болор эле* (Жантөшев).

БААРДАШ I *зат. диал.* 1. Ынак, сырдаш, дос.

2. Сүйгөн; сүйгөн киши. *Баардаш, сенин дартыңдан басарга жок дарманым.*

БААРДАШ II. *этиш.* Чын жүрөктөн сырдашуу. *Баардашсам деп ойлоп, баргым келет үйүңө.*

БААРЧЫН *зат.* Алты түлөк болгон бүркүт. *Бир баарчын бүркүт шаңшып, аскаларды айланып учуп жүрөт* (Баялинов).

БААРЫ *ат.* Бүт, бардыгы тегиз, бири калбастан. *Шахтада машиналарды тейлеп отургандардын баары тең аялдар* (Сасыкбаев).

◆ **Баары бир** — айырмасы жок, бирдей.

БААСЫЗ *сын.* 1. Баа жеткис, кымбат.

2. Баасы төмөн.

БААТЫР *зат.* 1. Эр, каарман, жүрөктүү. *Үйдө баатыр, жоодо жок* (макал). *Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт* (Жантөшев).

2. Урматтоо, кайрылуу иретинде колдонулат. *Ачууңузду токтото туруңуз, баатыр* (Сыдыкбеков). *Анда Төштүк муну айтат: Көнөйүн, баатыр, көнөйүн* («Эр Төштүк»).

◆ **Баатыр сүйлөө** — чоң сүйлөө, өкүм сүйлөө, мактануу. **Советтер Союзунун Баатыры** — өзгөчө каармандыгы, эрдиги үчүн СССРде берилүүчү ардактуу наам. **Социалисттик Эмгектин Баатыры** — эл чарбачылыгында, илим, маданият майданында көрсөткөн эң жогорку жетишкендиктери үчүн СССРде берилүүчү ардактуу наам. **Баатыр эне** — СССРде ондон кем эмес баланы тарбиялап өстүргөн энеге берилүүчү ардактуу наам.

БААТЫРДЫК *зат.* Каармандык, эрдик, жүрөктүүлүк, кайраттуулук. *Качырбасам касымды, Калкалаасам башымды, Баатырдыгым не керек?* (Токтогул).

БААТЫРСЫ баатырсын *менен бирдей.*

БААТЫРСЫН *этиш.* Баатыр болуп көрүнүү, өзүн өзү баатырмын деп ойлоо. *Балтыр этиң көнөктөй, Баатырсыган балбандын Бардыгын жыккан жөнөтпөй* (Токтогул).

БААТЫРСЫНТ баатырсын этишинин аркылуу мамилеси.

БААТЫРСЫНУУ баатырсын этишинин кыймыл атоочу.

БААТЫРЧЫЛЫК *зат.* Эрдик, жүрөктүүлүк, баатырлык, каармандык. *Баатырчылык кыла албады.*

БАБА *зат.* Ата-баба, түпкү ата. *Биздин бабалар тоонун ички сырын ачууга күчсүз болушту* (Сыдыкбеков).

◆ **Зеңги баба** — мүйүздүү ири малдын колдоочусу, тотеми. **Баба дыйкан** — дыйканчылыктын колдоочусу.

БАБАЙ *зат.* Аксакал киши, чал. *Эл эмгекте, эр күрөштө экенин, Бабай туюп, ушул доорун сүрүптүр* (Малиқов).

БАБЫР *зат.* Көп сүйлөгөн, маңыз киши. *Э, жарыктык! Чындыгында эле жаткан бир бабыр белемсиз! — деди Жаркын* (Убукеев).

БАБЫРА *этиш.* Көп сүйлөө. *Көч үстүндө боз балдар, Баары сүйлөп бабырап. Баштан аяк дабырап* (Тоголок Молдо). *Болду, бабырап отурууга убакыт жок* (Байтемиров).

БАБЫРАТ бабыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАБЫРАШ бабыра этишинин кош мамилеси.

БАБЫРГАН *зат.* Үкүлөрдүн тобуна кирүүчү канаттуулардын бир түрү. *Көгүчкөн менен бабырган Кутулбады жабырдан* (Тоголок Молдо).

БАБЫРОО бабыра этишинин кыймыл атоочу.

БАГАЖ *зат.* Ар түрдүү транспорт аркылуу жиберилүүчү таңылган жүк; жолго алынган жүк.

БАГАЖНИК *зат.* Велосипеддин, мотоциклдин, автомобилдин артындагы багаж коё турган рамасы, ящиги.

БАГАЛЧАК *зат.* 1. Туяк менен кызыл ашыктын арасы. *Башы баш, багалчагы кара таш.*

2. *өт.* Чымыр, жапалдаш бойлуу, кең далылуу. *Багалчак келген жигит. Колу жооч багалчак, Кылса жумуш түптөгөн* (Осмонкул).

БАГАНА *зат. диал.* Тиреөч, түркүк.

БАГБАН *зат.* Бакчы, бак өстүрүүчү. *Багбан болсо бак чыгар, Бактын гүлү ачылар* (Үметалиев).

БАГБАНЧЫЛЫК *зат.* Бак өстүрүүчүлүк. *Анын бардык ою багбанчылыкта болуп, агроном- багбан болсом деп тилер эле* (Абдумомунов).

БАГЕЛЕК *зат.* 1. Шымдын, дамбалдын тизеден ылдыйкы уч жагы. *Багелеги тар шым.*

2. Балтыр, шыйрак. *Багелек жүнүн зыргытып, Төш жүнүн чапчып ыргытып* («Эр Төштүк»).

БАГЕЛЕКТЕ *этиш.* Багелектен кармоо, багелектен алуу. *Багелектеп күрөшүп, Балдардын жыккам балбанын* (Токтогул).

БАГЖАГАЙ *сын.* Тегерек тарткан, жайык, багжайган. *Багжагай бет. Багжагай сакал.*

БАГЖАЙ *этиш.* 1. Төштү кенен жайып туруу; бети жайылыңкы көрүнүү. *Коңшуларым багжайып үйдөн чыкты* (Шүкүрбеков). *Карабек эки колун артына алып, багжайып тура калды* (Жантөшев).

2. Сакал-муруту тегерек тартып коюу болуп өсүү. *Эки бетинин ортосунан башкасын багжайган кара сакал каптаган* (Жантөшев). *Каныбек тапанчасын кабына салып, багжайган кара мурутун эки жакка жанып койду* (Жантөшев).

БАГЖАЙТ багжай этишинин аркылуу мамилеси.

БАГЖАЮУ багжай этишинин кыймыл атоочу.

БАГЖАКТА · багжанда менен бирдей.

БАГЖАҢДА *этиш.* Көңүлү көтөрүңкү болуп, көңүлдүү сүйлөө. *Кан күйгөн Ата журттун чоң күнүнө, Багжаңдап, Баян кетти мылтык кармай* (Осмонов).

БАГЖАҢДОО багжанда этишинин кыймыл атоочу.

БАГЛАН *зат.* Союуга жарап калган күрпөң, бышкан козу. *Алдына ашын жайнатса, Багландын майын чайнатса* (Осмонов). *Баглан козу ширин баш, Келиш-ширип кайнатып* («Манас»).

БАГУУ бак этишинин кыймыл атоочу.

БАГУУСУЗ *сын.* Кароосуз, карашар адамы жок.

БАГУУСУЗДУК *зат.* Караша турган кишиси жоктук.

БАГУУЧУ *зат.* Көздөөчү, асыроочу. *Тоок багуучу. Коён багуучу.*

БАГЫЛ бак этишинин туюк мамилеси.

БАГЫЛДЫР *зат.* Жетиле элек жаш теке, текечер.

БАГЫМДАТ *зат.* 1. *дин.* Таң атканда окулуучу беш ирекет намаздын биринчиси. *Багымдат намазын окуга баарынан эрте келдим* («Ала-Тоо»).

2. Таң аткан, багымдат намазды окуган маал. *Эртеси багымдатта айылдан аттанып, военкоматка жөнөп калдык* (Айтматов).

БАГЫН *этиш.* Баш ийүү, моюн сунуу; көз каранды болуу. *Мен карыга урмат менен багындым* (Аалы). *Жер жылдызы жаркырады жагылды, Караңгылык калтырылды, багынды* (Бөкөнбаев).

БАГЫНДЫР багын этишинин аркылуу мамилеси.

БАГЫНДЫРУУ багындыр этишинин кыймыл атоочу.

БАГЫНДЫРУУЧУ *зат.* Каратып алуучу, баш ийдирүүчү, көз каранды кылуучу.

БАГЫНТ багын этишинин аркылуу мамилеси.

БАГЫНУУ багын этишинин кыймыл атоочу.

БАГЫТ *зат.* 1. Бет алган жак. *Сайрандап социализм багытынан Баратат коммунизмге баштап элин* (Үсөнбаев).

2. Айлана-чөйрө. *Багыты кенен малга жай, Башынан жери келишкен* (Үсөнбаев).

3. Агым. *Философиялык багыт. Саясий багыт.*

БАГЫТТА *этиш.* Бир жакка бет алдыруу, жол көрсөтүү, жолго салуу, багыт берүү. [*Улуу Ленин*] *Туура жолго партияны багыттап, Келечекти кең таанып алыстан* (Умөталиев). *Эгер бала туура эмес көз караштта болсо,* [*педагог ата*] *аны дароо сөзгө алып, ойду түзөп, багыттап коёр эле* (Қасымбеков).

БАГЫТТАЛ багытта этишинин туюк мамилеси.

БАГЫТТАН багытта этишинин өздүк мамилеси.

БАГЫТТАШ багытта этишинин кош мамилеси.

БАГЫТТАШ II бак этишинин кош мамилеси.

БАГЫТТОО багытта этишинин кыймыл атоочу.

БАГЫТТООЧУ *зат.* Бир жакка бет алдыруучу, багыт берүүчү.

БАГЫШ I *зат.* Бугунун бир түрү.

БАГЫШ II бак этишинин кош мамилеси.

БАГЫШТА *этиш.* 1. Арноо. *Акыркы сөзүн* [*Васильев*].. *үчөөнө багыштаганы даана эле билинди* (Бейшеналиев).

2. *дин.* Атоо, арнап мал союу, куран окутуу. *Этти жеп, атактуу чабандастын арбагына багыштап, чын ыклас менен бата бердик* (Абдукаримов).

БАГЫШТАЛ багышта этишинин туюк мамилеси.

БАГЫШТАТ багышта этишинин аркылуу мамилеси.

БАГЫШТОО багышта этишинин кыймыл атоочу.

БАДА *зат.* Жайытта багылуучу саан уйлардын тобу. *Күн батарда күтүрөп, Бада келчү жер ушул* (Турусбеков).

БАДАЛ *зат.* Жапыз өскөн майда караган-бута. *Этек- жеңибизди бадал алып калат* (Сыдыкбеков).

БАДАЛДУУ *сын.* Бадалдар жыш өскөн, бадал менен капталган. *Бадалдуу бетте оттогон, Малдары сонун кыргыздын* (Барпы).

БАДАМ *зат.* Жаңгак мисалдуу, формасы сүйрү келген кызгылт гүлдүү түштүктө өсүүчү жемиш багы жана анын мөмөсү. *Анжир, курма, анар бар, Алмурут, мисте, бадам бар* (Үсөнбаев).

БАДАНА *зат. эс.* Ок өтпөс тон, баатырлар кийүүчү соот. *Калайык байы Көкөтөй Баданадай тон кийип, Баа жеткис тулпар ат минип* («Эр Төштүк»).

БАДАЧЫ *зат.* Бада кайтаруучу, багуучу адам. *Бадачы көп уйду талаага айдап баратат* (Сыдыкбеков).

БАДИК *зат.* Малдын (көбүнчө кой, эчкинин) баш мээсинде тасма мите куртунун личинкасынан пайда болгон оору. *Көч, көч, бадик, көчүрөйүн, көмүрдөй атың өчүрөйүн.*

БАДИРЕК I *зат.* Кара ниет, бузуку, жаман, начар. *Башта күнү бадирек Ба-*

лаалуу жумуш баштаган («Манас»). *Баарыдан билбес чын жаман, Бадирек экен ал жаман* («Манас»).

БАДИРЕК II *зат.* Эр жүрөк, кайраттуу, жалтанбаган баатыр. *Бул Жакыптын жинди уулу Билеги жоон таш жүрөк, Бил мүчөлүү бадирек, Жетилип калган кез экен* («Манас»).

БАДЫБОТ *зат. диал.* Чоң чыны, кесе.

БАДЫЛДА *этиш.* Үнүн көтөрүңкү чыгарып, тез-тез жана көп сүйлөө. *Валя болсо бадылдай сүйлөп, каткыра күлүп, мастер көрсөткөн жумуштар менен алпурушуп жатат* (Сасыкбаев).

БАДЫЛДАК *сын.* Бадылдап көп сүйлөгөн, тынымсыз сүйлөгөн.

БАДЫЛДАТ бадылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАДЫЛДАШ бадылда этишинин кош мамилеси.

БАДЫЛДОО бадылда этишинин кыймыл атоочу.

БАДЫРА *этиш.* Тырсылдоо, тарсылдоо, дабыроо (мис., куурулган жүгөрү, жаган мөндүр, күбүлгөн жемиштер ж. б.). *Мөндүр бадырап түшүп жатты. Өрүк бадырап күбүлдү.*

БАДЫРАЙ *этиш.* 1. Көздү чоң ачып, тиктеп кароо; бажыраюу, бакыраюу. *Бадырайган эки көзүнөн от чачырайт* (Абдумомунов). *Бадырайган чоң көздөрү жоодурайт* (Сыдыкбеков).

2. Даана, таамай көрүнүү. *Бадырайып турган ак үй. Басканымда ушул бармактын тагы тайлак төөнүн таманындай бадырая түшкөнүчү* (Сыдыкбеков).

БАДЫРАЙТ бадырай этишинин аркылуу мамилеси.

БАДЫРАК *зат.* Куурулган буудай, жүгөрү же арпа. [*Баштыктын*].. *оозуна чейин жыкжыйма бадырак экен* (Бейшеналиев).

БАДЫРАҢ *зат.* Сабагы жерге жайылып өсүүчү сүйрү мөмөлүү бакча өсүмдүгү.

БАДЫРАҢДА *этиш.* Өзүн сергек, көңүлдүү алып жүрүү. *Бадыраңдап жүр.*

БАДЫРАТ бадыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАДЫРАЮ бадырай этишинин кыймыл атоочу.

БАЖА *зат.* Эже-сиңдилердин күйөөлөрү. *Бажаларга айдатып, Кырк тулпарды берди дейт* («Эр Төштүк»).

БАЖАКТА *этиш.* Ачык-айрым сүйлөп, куунак болуу, чечилүү. *Бажактап сүйлөп турган Самтыркан байкай койду* (Байтемиров).

БАЖАКТАТ бажакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАЖАКТАШ бажакта этишинин кош мамилеси.

БАЖАКТОО бажакта этишинин кыймыл атоочу.

БАЖАҢДА *этиш.* Куунак сүйлөө, куунак жүрүү, бажактоо.

БАЖАҢДАТ бажаңда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЖАҢДАШ бажаңда этишинин кош мамилеси.

БАЖАҢДОО бажаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАЖЫ *зат.* Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке өткөрүлүүчү товарлардан акчалай алына турган өкмөттүк салык. *Бажы деп алган элеттен, Падышалык ырымы* (Тоголок Молдо).

БАЖЫЛДА *этиш.* Бабырап көп сүйлөө; дайынсыз сүйлөө. *Алдындагы буурул атчан мурап бир айылдын элиндей бажылдайт* (Сыдыкбеков).

БАЖЫЛДАК *сын.* Бажылдап көп сүйлөгөн.

БАЖЫЛДАТ бажылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЖЫЛДАШ бажылда этишинин кош мамилеси.

БАЖЫЛДОО бажылда этишинин кыймыл атоочу.

БАЖЫРА *этиш.* 1. Көздөрү жайноо, бадыраюу.

2. *өт.* Көңүлдөнүп чечилип сүйлөө. *Жаркырап Октябрде тийген күнүң, Бажырап ошол кезде чыкты тилиң* (Шүкүрбеков). *Сатыкул мен бул жерди биринчи жолу көрүп отургансып колу менен жаңсап коюп, бажырай берди* (Касымбеков).

БАЖЫРАЙ *этиш.* Көздөрүн жайната кароо. *Сейитова тигил корук жакка караса, көздөрү бажырайып, маңкая түшөт* (Сыдыкбеков).

БАЖЫРАЙТ бажырай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЖЫРАКАЙ *сын.* Жайнаган көздүү. [*Мукайдын*].. *бою чарчы, бети жайык, кара каш көзү бажыракай ак бала* (Таштемиров).

БАЖЫРАҢДА *этиш.* Ак көңүл менен шайырдык көрсөтүү. *Каадасынча бажыраңдап, аялынын көңүлүн көтөрөйүн дегендей* [*Андрей*] *сүйлөдү* (Сасыкбаев).

БАЗА *зат.* 1. *архит.* Колонналардын, түркүктөрдүн ылдыйкы жайык түбү.

2. Негиз. *Өлкөнү.. электрлештирүү коммунизмдин.. техникалык базасын түзөт* («Коммунист»).

3. Түрдүү товарлар, керектүү нерселер чогултулган, сакталган жай; склад. *Сырье базасы. Тоют базасы.*

4. Айрым иштер боюнча тейлөө, жабдуу жагын аткарып туруучу, керектүү материалдары, жасалгалары бар атайын пункт, жай. *Туристтик база. Экскурсиялык база. Согуш-деңиз базасы.*

БАЗАР *зат.* 1. Соода-сатык жүргүзүлүүчү жай. *Мал базар. Китеп базары.*

2. *өт.* Чогулган элдин бака-шака, дуудуу сүйлөшүүсү.

3. *өт.* Бакыт, кубаныч, кызык; өмүрдүн жакшы кези. *Жигиттиктин бир кезек Өтүп кетти базары* (Тоголок Молдо).

◆ **Базары көтөрүлүү** — бактысы ачылуу, иши илгерилөө. **Базары жүрбөй калуу** — мааниси кетүү, иши жүрбөй калуу. **Базар көтөрбөгөн мал** — өтпөгөн, эч ким сурабаган мал.

БАЗАРЛА *этиш.* Базарга барып соода-сатык жүргүзүү. *Акматбек соода жүргүзүү үчүн базарлап кетти.*

БАЗАРЛАТ базарла этишинин аркылуу мамилеси.

БАЗАРЛАШ базарла этишинин кош мамилеси.

БАЗАРЛЫК *зат.* Базарлап келген адамдын үйүнө алып келүүчү белеги. *Салык базарлыктарын алып болуп, тамактануу үчүн столовойго кирди* (Қаимов).

БАЗАРЧЫ *зат.* Базарлап жүргөн, базарга көп барган адам. *Түш кыйшая бергенде базарчылардын алды тарай баштады* (Жантөшев). *Алыс менен жууктун Ченин билген базарчы* (Тоголок Молдо).

БАЗАРЧЫЛА базарла менен бирдей.

БАЗАРЧЫЛАТ базарчыла этишинин аркылуу мамилеси.

БАЗАРЧЫЛАШ базарчыла этишинин кош мамилеси.

БАЗИС *зат.* 1. *филос.* Коомдун өнүгүшүнүн ошол этабындагы экономикалык түзүлүшү.

2. *архит.* база (1-маанисинде) менен бирдей.

БАЙ I *зат.* 1. Мал-мүлктүү, дүнүйөлүү, бирөөнүн күчүнөн пайдалануучу адам, эзүүчү. *Бай-манаптан өчүндү ал, Алдатпагын зулумга* (Тоголок Молдо).

2. Жетиштүү, оокат-тиричиликтүү; көп, мол. *Колхозуң гүлдөп данга бай* (Нуркамал). *Кара алтынга бай Сүлүктү тоолору асманды көздөй чалкалап турушат* (Сасыкбаев).

БАЙ II *зат.* Эр; күйөө. *Катын айтат эрине: —Байым, мени жакшы көр, Атыңды сатып базардан, Макмалдан чапан алып бер!* (Тоголок Молдо).

БАЙ III: бай-бай *сырд.* Таң калгандыкты, өкүнгөндүктү, мактангандыкты билдирет. *Ээй заман, кандай кыраан сенин балаң, Бай-бай-бай* (Осмонов).

БАЙБАЧА *зат.* Байдын уулу, мырза. *Мен ошону ойлоп, бул жердеги бир кур байбачалар менен сүйлөшүтүм* (Турусбеков).

БАЙБИЧЕ *зат.* 1. Бир нече аялы бар адамдын биринчи (улуу) аялы. *Байбиченин баласы, Баатыр абаң мен болом* («Эр Табылды»).

2. Улгайган аял. *—Байбиче, келиңиз, көрсөткөн орунга өтүңүз* (Сыдыкбеков).

БАЙГАМБАР пайгамбар менен бирдей.

БАЙГЕ *зат.* 1. Ат чабыш, жарыш. *Күлүктүн болот белгиси, Байгеден чыгат сүрөтпөй* (Токтогул).

2. Жарышта, мелдеште жеңгендиги үчүн берилүүчү сыйлык. *Эпкиндеп терип пахтаны, Колхоздон байге сый алган* (Бөкөнбаев). *Ат жарышып байге алган Агайын баатыр үлпөткө* («Олжобай менен Қишимжан»).

БАЙГЕЛҮҮ *сын.* Сыйлыгы (байгеси) бар; байге алган; уткан, жеңген.

◆ **Ат байгелүү болсун!** — ат чабышта атээсине же ошол тарапта болгон кишилерге айтылуучу тилек.

БАЙДАРКА *зат.* Сыңар калак менен айдалуучу бир, эки же төрт кишилик, палубасы жабык жеңил кайык.

БАЙКА I *этиш.* Абайлоо, сак болуу, текшерип көрүү. *Силер эки жакты байкап иштей бергиле* (Жантөшев). *Байкап көрүп, монтаждарын макташа* (Аалы).

БАЙКА II *зат. текст.* Кебезден же жүндөн токулган өтө түктүү жумшак кездеме.

БАЙҚАБАС *сын.* Байкас кылбаган, байкабаган.

БАЙҚАБАСТЫК *зат.* Байкас кылбагандык, байкабагандык.

БАЙҚАГЫЧ *сын.* Абайлагыч, сезгич. *Мунун байкагычын көрчү дегенсип, Мырзабек кызды таңдана тиктеди* (Абдумомунов).

БАЙҚАЛ байка этишинин туюк мамилеси.

БАЙҚАС: байкас албоо — байкабоо, абайлабоо, көңүл бурбоо. *Каныбектин өзгөрүлө түшкөндүгүн Чоконун уулу байкас албай калды* (Жантөшев).

БАЙҚАТ байка этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙҚАШ байка этишинин кош мамилеси.

БАЙКЕ *зат.* 1. Өзүнөн улуу бир туугану; жакын агасы. *Мектеп курушка Аскер байкең барат* (Сыдыкбеков).

2. Өзүнөн улуу эркек адамга сылык түрдө кайрылуу формасы — *Байке, кайда барабыз? — деди* [*Эрмек*] (Абдукаримов).

БАЙКЕРЧИЛИК *зат.* Жайбаракаттык, эркинчилик, жыргап-куунагандык. *Байкерчилик, эркин турмуш, токчулук* (Аалы).

БАЙҚОО байка этишинин кыймыл атоочу.

БАЙҚООСУЗ *такт.* Байкабай, байкоо кылбай. *Байкоосуз тепсеп кетүү. Байкоосуз карматып коюу.*

БАЙҚУШ I *зат. диал.* Мыкый үкү.

БАЙҚУШ II *зат.* Шордуу, бечара, мусапыр, начар. *Байкуш кемпирдин башы айланып кетти белем* (Сыдыкбеков).

БАЙЛА *этиш.* 1. Жип, аркан, чынжыр сыяктуу нерсе менен таңып, чырмап бекитүү; кошуу. *Орок оруп, боо байлаган кедей дыйкан, кары, жаш* (Аалы). *Колубутун байлаңар* («Эр Табылды»).

2. Тосуп, бууп коюу, өткөрбөө. *Ак пахтанын түшүмүнө пайдалуу, Арык чаап, кулактарды байласын* (Осмонкул).

3. Дан алуу, мөмөлөө, мөмө алуу. *Дан байлоо. Алма, дарак кулпуруп, Башында мөмө байлаган* (Осмонкул).

4. Багып семиртүү, эттентүү. *Күч көлүгүн семиртип, Байлаган элди карачы!* (Токтогул).

◆ **Бел байлоо** *к.* **бел. Баш байлоо** *к.* **баш. Нике байлоо** — нике кыюу. **Бээ байлоо** — сүтүн саап, кымыз кылуу үчүн бээни кулунунан бөлүү.

БАЙЛАМ *зат.* Башка салына турган жоолуктун эң кичине өлчөмү. *Бир байлам немесин башына сербейтип байлап коюшат* (Сыдыкбеков).

БАЙЛАМТА *зат.* 1. Суу тосмо, сууну буруп алчу жер. *Орто-Токой ойдуңунун чат жагына кубаттуу байламта курулуп, ал ойдуң эң чоң суу сактагыч көл болот* (Абдумомунов).

2. *грам.* Сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруучу жардамчы сөз.

БАЙЛАН байла этишинин өздүк мамилеси.

БАЙЛАНЫШ I *зат.* 1. Адамдардын, коллективдин ортосундагы мамиле, карымкатнаш. *Биздин отряддын көп жактан байланышы бар* (Сыдыкбеков).

2. Алыс аралыкта турган адамдарды бири-бири менен кабарлаштыруучу, сүйлөштүрүүчү мекемелердин конторасы. *Байланыш бөлүмү. Байланыш конторасы.*

БАЙЛАНЫШ II *этиш.* Сүйлөшүү, мамиле кылуу, жакын болуу.

БАЙЛАНЫШТУУ *сын.* Себептүү, байланышы, тиешеси бар. *Ийгилик эмгектин артык болушуна байланыштуу.*

БАЙЛАНЫШТЫР байланыш этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙЛАНЫШУУ байланыш этишинин кыймыл атоочу.

БАЙЛАТ байла этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙЛАТМА *сын.* Байламайынча токтоно албай оолугуп, буулугуп кете турган оорулуу. *Байлатма жинди.*

БАЙЛАШ байла этишинин кош мамилеси.

БАЙЛОО байла этишинин кыймыл атоочу.

БАЙЛООЧ *зат.* 1. Ат байлай турган мамы, казык.

2. Куш кармоо үчүн жайылган тордун ичине байлап коюлуучу көгүчкөн, таан ж. б.

3. Салууга жарабаган жаман бүркүт.

◆ **Байлооч бүркүттөй** — эч нерсеге жарабаган, колунан эч нерсе келбеген.

БАЙЛЫК *зат.* 1. Материалдык кенчтердин жыйындысы. *СССРдин табигый байлыктары сансыз көп.*

2. Материалдык мүлктөрдүн, акчанын молдугу. *Байлыкты сыноо Мыскалдын да эсинде эмес эле* (Сыдыкбеков).

3. Көптүк, молдук. *Чыгарма.. эл массасынын идеялык- эстетикалык суроосун канча канагаттандыра алса, ал духовный байлыкка ошончо таандык болот* (Аалы).

БАЙМАК *зат.* Жылкынын бут чачыгы менен туягынын ортосундагы ичке жери.

БАЙМАКТА *этиш.* Аттын арткы баймагынан байлап коюу.

БАЙМАКТАТ баймакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙМАКТАШ баймакта этишинин кош мамилеси.

БАЙМАКТОО баймакта этишинин кыймыл атоочу.

БАЙПАК *зат.* Жүндөн же жиптен токулган бутка кийүүчү кийим. *Жүн байпак. Жибек байпак.*

БАЙПАНДА *этиш.* Теңселип, чайкалып басуу.

БАЙПАНДАТ байпанда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙПАНДОО байпанда этишинин кыймыл атоочу.

БАЙРАК *зат.* Туу, желек. *Кызыл байрак Ленин туусун жайылтып, Куттук айтып, куралышты туш- туштан* (Калык).

БАЙСАЛ: байсал табуу *же* **байсал кылуу**— жай алуу, тынчтануу, эс алуу. *Азандан күн батканча байсал таппай, Ал шордуу Қап көтөрүп тынбай жүрдү* (Бөкөнбаев). *Эне.. сандыктагы кийим-кечесин алышка да байсал кылбай, этек кагып, чыккан бойдон.. кете берди* (Қасымбеков).

БАЙСАЛДУУ *сын.* Сабырдуу, чыдамдуу, салмактуу.

◆ **Көч байсалдуу болсун** — бир жерден көчүп бараткан кишиге «көчүң ийгиликтүү, жакшы болсун» деп айтылуучу тилек.— *О, жеңелер, көч байсалдуу болсун!* [*деди Дайыр*] (Жантөшев).

БАЙТАВА *зат. диал.* Балтырга же жалпы эле бутка оролгон чулгоо.

БАЙТАЛ *зат.* Эки-үч жаштагы ургаачы жаш жылкы. *Жайлоодогу биз ичкен, Байтал бээнин бал кымыз* (Осмонов). [*Каныбек*].. *сары жүнү али түлөп түшө элек жээрде байтал минип алган* (Жантөшев).

БАЙТЕРЕК *зат.* Жалбырагы калың, көлөкөлүү терек. [*Алымкул*].. *көчө боюндагы чоң байтеректин түбүндө туран элди байкады* (Абдукаримов).

БАЙЧЕГИР *зат.* Қыраан, алгыр бүркүт.

БАЙЧЕЧЕКЕЙ *зат.* Қар кетери менен жаз алдында чыга турган майда ак, сары гүлдүү өсүмдүк. *Байчечекей, мандалак Жайнаган жердин бетине* (Токтогул).

БАЙЫ I *этиш.* 1. Саадырбай калуу, саан убагынан өтүү. *Берекелүү, ширелүү Жүгөрүдөн сүт келет Байып кеткен желинге* (Аалы).

2. Тартылуу, азаюу. *Суу байыды.*

БАЙЫ II *этиш.* Дүнүйө-мүлкү артуу, бай болуу, байлыгы көбөйүү. *Жай өтүп, күз да жетип, канат жайып, Эмгекке дагы абалар калды байып* (Турусбеков).

БАЙЫМ *зат.* Көнүм, чыдам. *Эмгекке байым ал. Қарыганда адамдын суукка байымы жок болуп калат тура* (Абдумомунов).

БАЙЫР *зат.* 1. Үйүр, жай, токтоо. *Бирок* [*Зарлык*] *Сазановкага көп байыр алган жок* (Элебаев). *Азыр жүрөгүнө аш барып, мугалимге байыр алышып калган үчүнчү курстуктар* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Жакын, ынак. *Жарды менен жалчыга Байыр элең, Токтогул* (Барпы). *Ал бара-бара комбайнерге байыр тарта баштады* (Таштемиров).

3. *өт.* Салабаттуу, туруктуу, шайкелең эмес. *Бириң—кыздын шайыры, Бириң—кыздын байыры* (Барпы). *Байыр бала жаш кезде* («Сейтек»).

БАЙЫРДА *этиш.* Үйүр алуу, токтоо, жай алуу. *Байырдап Акылгерге конду бакты* (Қалык).

БАЙЫРДАТ байырда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЙЫРДОО байырда этишинин кыймыл атоочу.

БАЙЫРҚЫ *сын.* Эзелки, илгерки. *Байыркы салтын ташташып, Маданий жолго киришти* (Осмонкул). *Байыркы дүйнөнүн тарыхы.*

БАЙЫРТАДАН байыртан менен бирдей.

БАЙЫРТАН *такт.* **Эзелтен, илгертен.** *Байыртан кылыч байланып, Майданда жүрүп бышкан эл* **(Бөкөнбаев).**

БАЙЫТ байы этиштеринин аркылуу мамилеси.

БАК I *зат.* Бир түп жыгач же көп сандагы жыгач. *Үйдүн жанындагы жалгыз туп бак. Топ-топ бактар, кол сандыктай тепирейген тамдар, көзүмө.. жылуу учурады* (Сыдыкбеков).

БАК II бакыт менен бирдей. *Баарыбыздын бак үчүн Баатыр Ленин жаралган* (Тоголок Молдо). *Багы ачыктын маңдайы жарык* (Сыдыкбеков).

БАК III *этиш.* Тарбиялоо, асыроо, өстүрүү. *Азамат болсоң ак иштеп, Аздыркөптүр малың бак* (Токтогул). *..Абазды ушул кемпир багып чоңойткон* (Таштемиров).

БАК IV: бак-бак *туур.* Бакылдоо, бакылдап сүйлөө. *Бак-бак эткен текени суу кечкенде көрүп ал* (макал). *Бак-бак эткен элдин үнү алыстан үгулуп жатты* («Ала-Тоо»).

БАК *зат.* Суюк зат куюлуучу темир идиш. *Бензин куюлган бак.*

БАКА I *зат.* Арткы буттары секирүүгө ылайык узун, сууда жана кургакта жашоочу жаныбар. *Көлүндө бака чардаган, Көгүндө күкүк сайраган* («Манас»).

◆ **Таш бака**—асты жана үстү сөөк-калкан менен капталган, кыска буттуу, акырын жылып баскан жаныбар.

БАКА II: бака-шака *туур.* Элдин жандуу, көңүлдүү кыймылы, күүсү. *Тетигинде соңун эмгек, Бака-шака кайнаган* (Аалы). *Бака-шака бардык жерде курулуш* (Убукеев). *Үчүнчү күнү эртең менен журт бака-шака түшүп, жапырт көчүп калды* (Баялинов).

БАКАЙ *зат.* Туяктуу айбандардын туягынан жогорку биринчи мууну. *Энеси.. майрык бакай, маңызы бас кыргыздын бээси* (Сыдыкбеков). *Тору кашка тулпар, ак бакай, Жылкыдан бүткөн найзадай* (Аалы).

БАКАЛ I *зат.* 1. Дан эгиндеринин саманы, сабагы. *Силостолгон бакалынан жегенде, Саан уйлар чака-чака сүт берген* (Осмонкул).

БАКАЛ II *зат. сүйл.* Бакалея. *Базардын көркү бакал, адамдын көркү сакал* (макал).

БАКАЛА *этиш.* Жол чалуу, байкоо, кароо. *Атты такалагыча жолду бакала* (макал). *Таштуу жерди бакалап Ат, кадырдын баарысын Абдан мыкты такалап* («Манас»).

БАКАЛЕЯ *зат.* Кант, чай, ун, күрүч, кургатылган жемиш сыяктуу азык, тамак жана ушул азыктар менен соода кылуучу магазин.

БАКАЛООР *зат.* 1. Алкым, кекиртектин үстүнкү жана ээктин астынкы бөлүгү. *Алачыктай калканы, Бакалоордон алыптыр, Чыкыйга колду салыптыр* («Семетей»).

2. Сууда жашоочу жаныбарлардын дем алуу органы (мис., балыктын, рактын).

БАКАЛЧЫ *зат. сүйл.* Майда буюмдар менен соода-сатык жүргүзүүчү адам. *Бакалчылар майда-чүйдө буюмдарын жыйнап дүкөндөрүн жапты* (Жантөшев).

БАКАН *зат.* 1. Боз үйдүн үзүк, туурдук, түндүк жабуусун салуу үчүн колдонулуучу шыргый. *Бектурдун ак үйүнүн чамгарагынан эки түндүк бакандын учу сороёт* (Сыдыкбеков).

2. Жоокерчиликте курал ордуна колдонуучу шыргый. *Баатырлар чыгып сайышса, Бакандары майышса* («Манас»).

3. Буюм, азык-түлүк илип коюуга ылайыкталган илгичтери бар шыргый. *Андан жогору багалчак ала бакандарга илинген нооту чепкен* («Ала-Тоо»).

4. Бир нерсе көтөрүү, тиреп коюу ж. б. иштер үчүн колдонулуучу шыргый, узун жыгач. *Суу бакан. Бел бакан. Баканга салып көтөрүү. Бакан менен тирөө.*

◆ **Алты бакан** — селкинчек салуунун бир түрү. *Суу боюнда алты бакач тээп ойноп-күлүп, ырдап жаткан адамдар* («Ала-Тоо»).

БАКАНДА *этиш.* 1. Баканга (шыргыйга) илип, ийинге салып көтөрүү. *Тайдан согулуп жасалган эки себетин бакандап көтөрүп..* (Жантөшев). *Бакандап кош чакада тунук суусун Жөнөөгө айыл жакка кылды ыкыс* (Абдыраманов).

2. Бакан менен уруу, сабоо.

БАКАНДАШ баканда этишинин кош мамилеси.

БАКАНДОО баканда этишинин кыймыл атоочу.

БАКАНООЗ *зат.* Тыңчы, сөз ташуучу. *Бөлөктөн барса ал жерге, Бакананоз чыгып ичинен, Түбүнө чогуу жетет деп* («Манас»).

БАКАНООЗДУК *зат.* Тыңчылык, сөз ташуучулук.

БАКЛАЖАН *зат.* Чоң бадыранга окшогон күлгүн көк түстөгү жашылча.

БАКМА *сын.* Колдо асыралган, багылган. *Бакма канаттуулар. Бакма айбандар.*

БАКТА *туурасы:* **пахта.**

БАКТЕК *зат.* Көгүчкөн тобуна кирүүчү анча чоң эмес токой канаттуусу. *Бактектер эки-экиден кубалашып, жер менен кайып учуп, кээде алар да суу ичкени барышат* (Байтемиров).

БАКТЕРИОЛОГ *зат.* Бактериялогия боюнча адис.

БАКТЕРИОЛОГИЯ *зат.* Бактерия жөнүндөгү илим.

БАКТЕРИЯ *зат.* Көзгө илээшпеген майда организм.

БАКТУУ *сын.* Багы бар; тал-теректүү, жыгачтуу, бак-дарагы көп. *Үч дөбө кулпуруп: бактуу-шактуу, мөмөлүү* (Сыдыкбеков).

БАКТЫ бакыт менен бирдей.

БАКТЫЛУУ *сын.* Таалайлуу, бактысы бар. *Бактылуу коммунисттик келечектин, Аламга дарбазасын кенен ачкан* (Маликов). *Бактылуу балдар.*

БАКТЫР бак этишинин аркылуу мамилеси.

БАКУБАТ *сын.* Соо-саламат, аман-эсен, күчү-күчүтүү. *Бакыбат кишиси. Бакубат турасызбы? Бакубат жүрөсүзбү?*

БАКЧА *зат.* Коон, дарыя жана башка жашылчалар эгилген жер. *Колхоздун бак-*

часы анча деле алыс эмес (Таштемиров).

◆ **Балдар бакчасы** — мектеп жашына жете элек балдарды тарбиялоочу мекеме.

БАКЧАЛУУ *сын.* Коон, дарбыз жана түрлүү жашылча эгилген жери бар.

БАКЧАЧЫ *зат.* Бакча өстүрүүчү, тейлеп туруучу адам.

БАКЧАЧЫЛЫК *зат.* Бакча өстүрүүчүлүк, бакча иши.

БАКЧЫ *зат.* Багбан, бак өстүрүүчү адам.

БАКЧЫЛЫК *зат.* Бак өстүрүүчүлүк, бак өстүрүү чарбасы.

БАКШЫ I *зат.* Ооруларды шамандык жол менен окуган, көргөн адам. *Жаман күн жакшы болот, уялбаган бакшы болот* (макал).

◆ **Кара жиндүү бакшы** — бакшылык кылып жаткан кезде жалданып, ысык темирди жалап, өз денесине өзү бычак уруучу бакшы.

БАКШЫ II *зат.* Түркмөндөрдүн элдик ырчысы, музыканты.

БАКЫБАТ бакубат менен бирдей.

БАКЫЙ *этиш.* Заңкаюу, зор болуп көрүнүү; чоң, көрүнүктүү болуу. *Бакыйып отуруу.*

БАКЫЙТ бакый этишинин аркылуу мамилеси.

БАКЫЛ *зат.* Сарең, катуу баш, битир, бите карын. *Байдын түбү суткор бакыл* (Тоголок Молдо). *Адамда сендей бакыл жок, как баш* («Эр Төштүк»).

БАКЫЛДА *этиш.* Үнүн бийик чыгарып, бак-бак этүү. *Бакылдаган текени суу кечкенде көрөрмүн* (макал). *Сөз тыңшаган бири жок, Барлыгы чечен бакылдап* (Шүкүрбеков).

БАКЫЛДАК *зат.* Жаагын жанып, сөздү көп жана катуу сүйлөгөн адам.

БАКЫЛДАТ бакылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАКЫЛДАШ бакылда этишинин кош мамилеси.

БАКЫЛДОО бакылда этишинин кыймыл атоочу.

БАКЫР I *зат.* Кедей, бечара, жарды. *Пайдасы тийчу жан эле, Бакырлардын баарына* (Токтогул).

БАКЫР II *зат.* 1. Жез.

2. *эс.* Ушундай металлдан турган эки тыйындык монета.

3. *дифл.* Каңылтыр темирден жасалган чака.

БАКЫР III *этиш.* Катуу кыйкыруу. *Көрчү.. каарданып бакыра баштады* (Аалы).

БАКЫРАЙ *этиш.* Бадыраюу, көздү чоң ачып кароо. *Койчунун көзү бакырайып, таң калып кыйкырып жиберди* (Сасыкбаев).

БАКЫРАЙТ бакырай этишинин аркылуу мамилеси.

БАКЫРАКАЙ *сын.* Бакырайган, чоң ачылган (көзгө карата).

БАКЫРАҢ бакыракай менен бирдей. *Жаргак кабак бакыраң көз.. бала* (Бейшеналиев). [*Келиндердин*].. *кызыл тоголок бакыраң көзү эпилдеп тосуп алды* (Бейшеналиев).

БАКЫРАҢДА *этиш.* Көзүн чоң-чоң ачып алдоо, көздөрүн бакырайтуу. *Абылдын корккондо көздөрү бакыраңдап кетти.*

БАКЫРАҢДАТ бакыраңда этишинин аркылуу мамилеси.

БАКЫРАҢДОО бакыраңда этишинин кыймыл атоочу.

БАКЫРАЮУ бакырай этишинин кыймыл атоочу.

БАКЫРЛЫК *зат.* Кедейлик, жардылык, кыйынчылык, кысталыштык. *Карарганда түнөрүп, Сырттан баатыр Төштүктүн Бакырлык келди башына* («Эр Төштүк»).

БАКЫРТ бакыр этишинин аркылуу мамилеси.

БАКЫРУУ бакыр этишинин кыймыл атоочу.

БАКЫРЧЫ *зат.* Жезден ар түрдүү нерселерди жасоочу уста.

БАКЫРЧЫЛЫК I *зат.* 1. Кедейчилик, жардылык, жокчулук, муктаждык.

2. *өт.* Тиричилик, күндөлүк оокат-тиричилик. *Бакырчылык кылып жатабыз.*

БАКЫРЧЫЛЫК II *зат.* Жезден ар түрдүү нерселер жасоочу устанын кесиби.

БАКЫРЫК *зат.* Кыйкырык, айкырык. *Ачуу бакырык жана бакылдашкан кобур сөздөр Жумандын аялы менен баласынын да тынч уйкусун бузду* (Қаимов).

БАКЫТ *зат.* Таалай, бак, жыргал, убайым-кайгысыз, телегейи тегиздик. *Бакыт оросо, дос торойт* (макал). *Эмгек кайра аны бакытка жеткирчү* (Байтемиров).

БАКЫТСЫЗ *сын.* Жыргалы жок, таалайы жок, бактысы жок, бечара.

БАКЫТСЫЗДЫК *зат.* Башы кайгы-кападан арылбагандык.

БАЛ I *зат.* 1. Гүлдөрдүн ширесинен аарылар аркылуу иштелип чыккан коюу, таттуу суюктук. *Аары багып көбөйтүп, Гүл сордуруп бал алган* (Токтогул).

2. *өт.* Ширин, уккулуктуу, жагымдуу (сөз, тил жөнүндө). *Тили бал. Бал сөздөрүңдү сагындым* («Чалкан»).

◆ **Бал челек** *к.* **челек.**

БАЛ II *зат.* Шалы эгүү, пияз, сабиз сыяктуу өсүмдүктөрдү өндүрүү үчүн суу токтотууга, суу жаюуга ылайыктап, тегерете кырдалган жал; чарчы-чарчы тилкелер. *Эки бал пияз. Бал көтөрүп шалы эгүү.*

БАЛ III *зат.* Салтанаттуу күндөрдө бий менен боло турган чоң оюн-зоок кечеси.

БАЛ IV: бал-бал жануу — балбылдоо, жалындоо, нурдануу. *Чолпонуң, жылдыздарың бал-бал жанып, Төбөңдө айың тийип сүттөй жарык* (Нуркамал). *Нурга баткан Октябрдын айылы, Бал- бал жанып тоого тийген жарыгы* (Маликов).

БАЛА *зат.* 1. Бой жете элек жаш уул, кыз; жалпы эле уул, кыз (ата-энесине карата). *Кыз бала, эркек бала.— Канча балаң бар? — десе, абышка: — Эки уулум, үч кызым бар,— деди* («Ала-Тоо»).

2. **Айбанаттардын, канаттуулардын жашы, жаш төлү.** *Аркардын баласы. Бала баскан бүркүттөй.*

3. Улуу адамдар өзүнөн кичүүлөргө, өз балдары курактууларга кайрылганда айтылат. *Ырас, балам Искендер, журттан айла кетти* (Турусбеков). *Таанысбадым, кай баламсың, кулунум* (Аалы).

4. *өт.* Жаш, такшалбаган, кагылбаган. *Али бала эле бойдон экенсиң да! Бала эле бойдон турбайбы!*

◆**Ата-баладай** — өтө жакын, бири-бирин сыйлашкан, ынак. *Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып, ата- баладай болуп жүрдүк* (Тоголок Молдо). **Боз бала** — бой тартып калган эркек бала. *Кыз-келин менен өң боз бала көлдүн кылаасына чыгышты* (Сыдыкбеков). **Бала салуу** — туур маалына жетпей бала таштап, төл бербей калуу. **Түн баласы** — түн бою, таң атканча. *Түн баласында уйку көрбөй чыктым.* **Эрке бала** к. **эрке. Бала-бакыра** *же* **бала-чака** — балдар, өспүрүмдөр. *Жапарды көргөндө бала-бакыра.. аны менен бирге ээрчип келишти* (Баялинов).

БАЛАА *зат.* 1. Кырсык, шор, бакытсыздык, балакет. *Билими бар ар балаадан кутулат, билими жок миң балаага тутулат* (макал).

2. *өт.* Кыйын, өткүр, шок. *Сен балаа экенсиң.*

БАЛААЛУУ *сын.* Кырсыктуу, балакети, балаасы көп.

БАЛАҚ I *зат.* Адамды уруп жазалоодо колдонулган курал (камчы, таяк). *Кутулдук го түбөлүк Бай-манап кескен балактан* (Токтогул). *Казыга салып жүз камчы балак урдурду* (Жантөшев).

БАЛАҚ II: балак-балак *туур.* Балпылдоо, балп-балп этүү. *Кетменчи жигиттер ансайын балак-балак этишип.. күүлөнүшөт* (Сыдыкбеков).

БАЛАҚАЙ *зат.* Баланы эркелетип айтканда колдонулуучу форма, кичирейтүү маанисиндеги сөз.

БАЛАКАТ *зат.* Жашы толгондук, баралына келгендик. *Балакат кези өткөндө, Жаңыдан бойго жеткенде* (Маликов).

БАЛАКЕТ *зат.* 1. Балаа, кырсык, бактысыздык. *Бул балакет согушту чыгарган ким болсо да, оңолбосун!* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кыйын, айлакер, өткүр, көптү көргөн, шок. *Балакет чыккан жашынан, Көкөтөйдүн Бокмурун Камдап койгон башынан* («Манас»).

◆**Балакетиңди алайын** — жалынып, бирөөнү жакшы көрүүдө айтылат.

БАЛАКТА I *этиш.* Балпалактоо, балак-балак этүү. *Басса шымынын багалеги балактайт.*

БАЛАКТА II *этиш.* Боргулданып тердөө, көл-шалга түшүп тердөө. *Кечке балактап тердеп, үйгө зорго жеттим.*

БАЛАКЧЫ *зат.* Балак уруп жазалоочу адам.

БАЛАЛА *этиш.* Төлдөө, көбөйүү.

БАЛАЛАЙКА *зат.* Орустун үч кылдуу музыкалык инструменти.

БАЛАЛАЙКАЧЫ *зат.* Балалайка ойноочу (чертүүчү) адам.

БАЛАЛАТ балала этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛАЛОО балала этишинин кыймыл атоочу.

БАЛАЛУУ *сын.* Баласы бар, баласы көп. *Балалуу үй—базар, баласыз үй — мазар* (макал). *Көп балалуулар Советтер Союзунда урматтан, камкордуктан пайдаланат.*

БАЛАЛЫК *зат.* 1. Бала чак, эң жаш кез, жаштык. — *Узун түнгө эрмек болсун, эмесе, мен балалыктан баштайын* (Аалы). *Фрунзе, сүйгөн шаарым, сүйгөн калаам, Жаш күнүм, балалыгым сенде калган* (Осмонов).

2. Аркы-беркини көп байкабагандык, кагылбагандык, жеңил мүнөздүүлүк. *Сынап көрсөң менде тентек балалык, Сымап болуп чимирилем таралып* (Аалы). *Балалыгың болбосо, Бар эле сенин үнөмүң* (Токтогул). *Балалыгың башыңдан чоң.*

БАЛАН I *сын.* Белгисиз, кандайдыр бир. *Кай бири билан жердеги бир тойго баргысы келет* (Жантөшев).

◆**Балан-бастан** — аркы-берки, өйдө-ылдый сөздөр. *Балан-бастан дедирбей, Башка сөздү айттырбай, Басып келип бер деди* (Тоголок Молдо). *Кел, кетелик, Аткантаң, Балан-бастан дебестен* (Тоголок Молдо).

БАЛАНС *зат.* Ишкананын белгилүү мөөнөттүн ичиндеги каражатынын кириш жана чыгышы жөнүндөгү ведомость. *Корутунду баланс.*

БАЛАНСТА *этиш.* Баланс чыгаруу, кириш менен чыгышты салыштыруу.

БАЛАНСТОО баланста этишинин кыймыл атоочу.

БАЛАНЧА *зат.* Белгисиз, белгисиз бирөө. *Баланчанын уулу деп Агайынга даңк болот* (Осмонкул).

БАЛАПАН *зат.* 1. Канаттуулардын баласы. *Өрдөктөр үчөө.. Бири соно, бири чүрөк, үчүнчүсү балапан* (Жантөшев).

2. *өт.* Эң эле жаш, жаш өспүрүм. *Мына ушундай балапан кезде ойногон жерлер* (Сыдыкбеков). *Мен бир чыккан эмгекчиден балапан* (Аалы).

БАЛАПАНДА *этиш.* Балапан чыгаруу; көбөйүү.

БАЛАПАНДАТ балапанда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛАПАНДОО балапанда этишинин кыймыл атоочу.

БАЛАСААК *сын.* Баланы абдан жакшы көрүүчү, бала жандуу. [*Актан*].. *ак көңүл, кыуи пейил, баласаак адам* (Бейшеналиев).

БАЛАСААКТЫК *зат.* Баланы жакшы көргөндүк, баланы өтө сүйгөндүк.

БАЛАСЫЗ *сын.* Баласы жок. *Баласыз өтүп бир далай жылдар, Бир көргөн кызы жароокер Динар* (Абдыраманов).

БАЛАСЫЗДЫК *зат.* Баласы жоктук, баласы болбогондук, бала көрбөгөндүк.

БАЛАСЫНТ *этиш.* Бирөөнү жаңсынтуу, бала катарында көрүү, бала сыяктуу мамиле кылуу. *Динарды баласынтып кебине анча көңүл бөлбөй келаткан койчу азыр анын айтканына ичтен ыраазы болду* (Сыдыкбеков).

БАЛАСЫРА *этиш.* Баланы самоо, эңсөө, балалуу болууну көксөө.

БАЛАСЫРАТ баласыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛАСЫРОО баласыра этишинин кыймыл атоочу.

БАЛАТЫ *зат.* Кичинекей, жаш карагай. *Жогору жагы бетке жармаша чыккан балаты карагайлар* (Турусбеков).

БАЛБААЛА *этиш.* Дал-далынан кетүү, салбыроо, балбактоо.

БАЛБААЛАТ балбаала этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛБААЛОО балбаала этишинин кыймыл атоочу.

БАЛБАН *зат.* 1. Күчтүү, алдуу киши. *Балбанга түшүп байге да, намыс да алдым* (Аалы).

2. Күч-кубаты мол, күчтүү, алдуу. *Кубаныч бүт өлкөмдү эзлеп алган, Себеби биз дүйнөлүк болдук балбан* (Нуркамал). *Муштумдай көөдөндөгү балбан жүрөк, Тулкуга азык чачып өкүм сүрөт* (Аалы).

3. *өт.* Мыкты, баатыр. «*Өстүрөм*» *деп чарбаны, Мал багуунун балбаны Бир-бири менен жарышкан* (Барпы). *Куттуктайм эмгек балбанын* (Баялинов).

БАЛБАНДЫК *зат.* Күчтүүлүк, кубаттуулук, баатырдык. *Балбандык баатыр элдин күчүндө го* (Нуркамал). *Мергенчи койчу кыргыздын балбандыгына таң калды* (Сасыкбаев).

БАЛБАНСЫН *этиш.* Күчтүүсүнүү, балбанмын деп мактануу.

БАЛБЫЛДА *этиш.* 1. Алоолонуп күйүү, алоолонуп, нурданып жаркыроо. *Балбылдап маңдайымда Ильич шамы, Байытып жыргал күүнү оюмдагы* (Нуркамал). *Таңкы Чолпондой көздөрүң балбылдайт* (Сыдыкбеков).

2. Булгалануу, желбирөө. *Балбылдаган совет туусу, Жеңиштерге сүрөдү* (Аалы).

БАЛБЫЛДАТ балбылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛБЫЛДОО балбылда этишинин кыймыл атоочу.

БАЛБЫРА *этиш.* Бош, жумшак болуп шалбыроо, шалпайыңкы тартуу, чымыр, чың болбоо.

БАЛБЫРАТ балбыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛБЫРОО балбыра этишинин кыймыл атоочу.

БАЛГЫН *зат.* Суунун боюнда, кумдак жерлерде өсүүчү тал. *Көлдүн айланасына өскөн камыш, балгын, жекендер көлдүн.. көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшөв).

БАЛГЫНДУУ *сын.* Балгыны бар; балгын аралаш өскөн. *—Балгындуу жекендер менен камыштардын арасын карагылачы,— деди Түлкүбек* (Жантөшев).

БАЛДАК I *зат.* 1. Буту оорулуу же буту чолок адам колтугуна такап басып жүрүүчү таяк. *Жапар балдагына таянып, он сегизинчи палатага барып кирди* (Баялинов).

2. Кылычтын же канжардын сабы.

3. Бүркүт кондурган аңчылар колунун алдынан тиреп, сүйөп алуучу таянчык. *Кызыгы кыйын бүркүттүн, Камчы кылып балдагын* (Токтогул).

БАЛДАК II: ит балдак — сууда сүзүүнүн, чабак уруунун бир түрү. *Учкаша минген бууданы Ит балдак уруп келатат* («Мендирман»).

БАЛДЫЗ *зат.* Аялынын сындиси. *Оруктайдын балдызы* [*Гүлайым*] *онунчуну бүтүп келбедиби* (Бейшеналиев).

БАЛДЫР: балдыр-булдур *же* **балдыр-балдыр этүү** — ачык эмес, так эмес, түшүнүксүз сүйлөө. *Балдыр- булдур сүйлөйт.*

БАЛДЫРА *этиш.* Балдыр-балдыр этүү, так эмес сүйлөө. *Күрмөөгө келбей тилдери, Сүйлөй албай балдырап* (Осмонкул).

БАЛДЫРАК *сын.* Көп сүйлөгөн, бирок тили анча так эмес.

БАЛДЫРАТ балдыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛДЫРАШ балдыра этишинин кош мамилеси.

БАЛДЫРКАН *зат.* Өзөгү түтүк сыяктуу көндөй, тоодо өсүүчү куурай өсүмдүгү. *Элик балдыркан, каз таңдай аралаш калың шибер чачтай уюлгуп шилтеген сайын бутка оролот* (Сыдыкбеков).

БАЛЕК I *зат.* Чикит (чикит ойнунда колдонулуучу эки башы учталган кичине таякча).

БАЛЕК II *зат.* Бышпаган, жетилбеген майда коон-дарбыздар.

БАЛЕРИНА *зат.* Балет артисткасы; бийчи.

БАЛЕТ *зат.* 1. Музыканын кошулуусу менен болгон бий жана дене кыймылдары аркылуу коюлган спектакль, театр оюну.

2. Театр бийинин искусствосу.

БАЛЕТМЕЙСТЕР *зат.* Балеттик бийлерди коюучу искусство кызматкери.

БАЛЖА: балжа-булжа кылуу — майдалоо, ажыратуу, талкалоо.

БАЛЖАГАЙ *сын.* Бети жайык, толук. *Балжагай сары жигит.*

БАЛЖАЙ *этиш.* Бети балжагай келип, шишимек тартып туруу.

БАЛЖАЙТ балжай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛЖАЛА *этиш.* Быркыратуу, балжабулжа кылып бөлүү. *Башты балжалап жиберди.*

БАЛЖАЛАТ балжала этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛЖАЛОО балжала этишинин кыймыл атоочу.

БАЛЖАЮУ балжай этишинин кыймыл атоочу.

БАЛЖУУРАН *зат.* Күнгөйдө, кумдуу шагылдарда өсүүчү ышкын сыяктуу өсүмдүк.

БАЛЖЫРА *этиш.* Коюу болуп жугуу, төгүлүү; булганч көрүнүштө болуу.

БАЛИ *сырд.* Кубаттоону, какшыктоону билдирет. *Бали! Макишим, мына ушундай Макиш* (Сыдыкбеков).

БАЛИТ *сын.* Булганыч, ыпылас. *Ичине көр-жер түшүрүп, Балит кылат ашыңды* (Тоголок Молдо).

БАЛИТТИК *сын.* Булганычтык, ыпыластык.

БАЛКА *зат.* Бир нерсени ургулоо, кагып киргизүү үчүн колдонулуучу сабы

бар, ар түрдүү салмактагы аспап.

◆ **Ай балка** — жоокерчиликте колдонулуучу курал.

БАЛҚАГАЙ *сын.* Балкайган, толмоч. *Берекелүү балкагай, Эл толтурган кампадай* (Үмөталиев).

БАЛҚАЙ *этиш.* Балкагай, толмоч тартуу, олбурлуу көрүнүү. *Балкайган сүйкүм элес жанга жагым, Жарк этип чагылгандай өтөт бачым* (Абдыраманов).

БАЛҚАЙТ балкай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛҚАНАКТАЙ *сын.* Абдан толук, болук. *Кунажыны балканактай семиз* (Сыдыкбеков).

БАЛҚАНТОО *сын.* Лакыйган зор, балпыйып шишимек тарткан. [*Акендин*].. *бети балкантоо* (Таштемиров).

БАЛҚАЧЫ *зат.* 1. Устаканада балка чаап туруучу уста.

2. Карагайга, жыгачка белги уруп туруучу карагай башы.

БАЛҚАЮУ балкай этишинин кыймыл атоочу.

БАЛҚИМ *мод.* Айтылуучу ойго болжолдоо маанисин берет. *Балким, уюган кендер жатканбыр* (Сыдыкбеков).

БАЛҚОН *зат.* 1. Үйдүн жогорку кабаттарынын боорунан сыртка карай чыгарылган тосмолуу аянтча. *Балконго келишип, туш-тушка көз жиберишет* (Бейшеналиев).

2. *театр.* Көрүүчүлөр үчүн жасалган партерден жогорку ярустагы орундар.

БАЛҚЫ I *зат. текст.* Кымкап. *Барча менен балкыны Алдына төшөп коюңар* («Манас»).

БАЛҚЫ II *этиш.* Магдыроо; жумшоо, жибүү, мемиреө, көөлгүү. *Кара жер балкып жаз келди, Камчылап, колхоз, камыныи* (Калык). *Асманда балкып күн тийсе, Шооласы жерге төгүлөт* (Токтогул).

БАЛҚЫЛДА *этиш.* Эти былк-былк этип кыймылдоо. *Ак тамагы балкылдап, Айдай бети жаркылдап* («Эр Төштүк»).

БАЛҚЫЛДАТ балкылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛҚЫЛДОО балкылда этишинин кыймыл атоочу.

БАЛҚЫТ балкы этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛКЫЧ *балчык* менен бирдей.

БАЛЛ *зат.* 1. *метеор.* Кандайдыр бир кубулуштун күчүн (шамалды, жер титиреөнү) өлчөөчү бирдик.

2. *пед.* Окуучулардын билимин жана тартибин баалоо белгиси.

БАЛЛАСТ *зат.* 1. Кемени оодарбай тең алып жүрүүчү суюк же катуу жүк, ошондой эле аэростаттын учуу бийиктигин жөнгө салуу үчүн кум салынган мешок.

2. *т. ж.* Рельс менен шпалалардын астына төшөлүүчү шагыл, кум, топурак.

БАЛЛИСТИКА *зат.* 1. Горизонтко карай белгилүү бурч менен ыргытылган оор телонун учуу законун үйрөнүүчү теоретикалык механиканын бөлүгү.

2. Замбиректин ичиндеги жана андан атылып чыккан снаряддын учуу законун үйрөнүүчү илим.

БАЛЛОН *зат.* 1. Суюктук жана газ сыяктуу нерселерге ылайыкталган жабык идиш. *Кислород толтурулган баллон.*

2. Аэростаттын газды өткөрбөөчү оболочкасы.

3. Автомобилдин ж. б. резинкадан жасалган, ичине жел толтурулган шинасы.

БАЛОО *туурасы*: **палоо.**

БАЛПАГАЙ *сын.* Жайылган денелүү, балпайган жоон. *Чоң сакал, балпагай дыйканга окшош түрү, Терең жагымдуу ойлуу мунун тили* (Шүкүрбеков).

БАЛПАЙ *этиш.* Денеси жайылып, балпагай тартып көрүнүү. *Майга тоюп балпайып, Басып барып талаага Күнүгө күчүн сынады* («Эр Төштүк»).

БАЛПАЙТ балпай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛПАК *сын.* Денеси жайылган, балчайган.

БАЛПАКТА *этиш.* 1. Балпаңдоо, балпаң-балпаң этүү.

2. *өт.* Ооз толтуруп көп эле сөздү орунсуз айта берүү.

БАЛПАКТАТ балпакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛПАКТОО балпакта этишинин кыймыл атоочу.

БАЛПАЛАКТА *этиш.* Балпаңдоо, балпактап басуу. *Сулай эне улам сыртқы үйгө балпалактап чыгып, улам бирдемени алып келип, Абазга берип жатат* (Таштемиров).

БАЛПАЛАКТАТ балпалакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛПАЛАКТОО балпалакта этишинин кыймыл атоочу.

БАЛПАҢДА *этиш.* Балпактап эби-сыны жок басуу, чайпала басуу, буйдала басуу. *Чокуга чейин кар кечип, Чоң чокой менен балпаңдап* (Осмонкул).

БАЛПАҢДАТ балпаңда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛПАҢДОО балпаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАЛПАЮУ балпай этишинин кыймыл атоочу.

БАЛПЫГЫЙ *сын.* Толмоч, семиз, денеси жайылган.

БАЛПЫК *сын.* Семиз, балкайган.

БАЛПЫЛДА *этиш.* Эпсиз кыймылдоо, чоң кадам менен эки жакка оонагансып басуу. *Балпылдаган ак сакалдуу, сары тиштүү абышка бол.*

БАЛПЫЛДАК *сын.* Балп-балп эткен, балпагай, эби жок.

БАЛТА I *зат.* 1. Жыгачты кесүү, жаруу жана сомдоо үчүн колдонулуучу, жазы жагы миздүү, экинчи жагы үңгулуу темир курал. *Балтаны кәтәргәнчә, дөңгәч эс алат* (макал). *Капитан менен Қаныбек балта, балка алып келүүгө кетишкен* (Жантөшев).

2. Карта оюнундагы кенже фигура. *Чырымдын балтасы. Карганын балтасы.*

◆ **Ай балта** — илгерки жоокерчиликте колдонулуучу жарым ай формасында жа-

салган курал. *Ай балтаны таянып, Береги кайкы белеске, Басып чыктым жай алып* («Эр Табылды»). **Балта чабар** — ай балта менен куралданган аскер. **Балта жутар** — эң зор жору.

БАЛТАГАЙ *сын.* Эттүү, жоон. *Буттары балтагай.*

БАЛТАЙ *этиш.* Толук, чоң, эпсиз болуу. *Бир кара неме балтайып басып келип, салам айтымыш болду. Балтайган кара так түшүп калды.*

БАЛТАЙТ балтай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛТАЛА *этиш.* Балта менен чапкылап кесүү, жаруу. *Карагайдан балталап, Комуз чаптым токойдо* (Токтогул).

БАЛТАҢДА *этиш.* Балтактоо, балтак-балтак этүү.

БАЛТАҢДАТ балтаңда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛТАҢДОО балтаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАЛТАЮУ балтай этишинин кыймыл атоочу.

БАЛТЫЙ *этиш.* Кылкилдеп коюлуу, балтаюу. *Көк-жашыл тартып балтыя түшкөн коюу сыя жазуунун көркүн бузду* (Сыдыкбеков).

БАЛТЫЙТ балтый этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛТЫР *зат.* Ийри такымдан ылдыйкы булчуң эт. *Кээде шүүдүрүмдүн болорболбос бүркүндүсү жыңалач балтырына себилет* (Сыдыкбеков).

◆ **Балтыр бешик бала** — кичинекей, бешиктеги, эмчектеги бала. **Балтыр эти толуу** — күчү толуу, күч-кубаты толуу. *Бала жигит болгондон, Балтыр эти толгондон Таалай издеп табууну Талыкпастан ойлонгон* (Маликов). **Балтырын көтөрүү** — бойго жетүү, эр жетүү, жигит болуу. *Уулуң балтырын көтөрө албай жатып көпкөнү жүрөт* (Аалы).

БАЛТЫЮУ балтый этишинин кыймыл атоочу.

БАЛЧАЙ *этиш.* 1. Жайылып туурасы чыгуу.

2. Коюу тартып жайылуу, булганч көрүнүү.

БАЛЧАЙТ балчай этишинин аркылуу мамилеси.

БАЛЧАКТА *этиш.* Балчаң-балчаң этип жүрүү. *—О-о! Балчактаган байкуш!* (Сыдыкбеков).

БАЛЧАКТОО балчакта этишинин кыймыл атоочу.

БАЛЧАЮУ балчай этишинин кыймыл атоочу.

БАЛЧЫ *зат.* Бал аарысын асыроочу киши, бал челекчи.

БАЛЧЫК *зат.* Баткак, ылай. *Тебеленген балчык, сөз билбеген тантык. Кара суу акпай жер соруп, Балчык болуп жууруллуп* (Тоголок Молдо).

БАЛЫК *зат.* Сууда сүзүүгө ылайыкталган канатчалары, куйругу бар, бакалоору менен дем алуучу омурткалуу суу жаныбары. *Балыктын өмүрү сууда* (макал).

◆ **Балык жон** *к.* **жон.**

БАЛЫКЧЫ *зат.* Балык кармоочу, балык уулоочу. *Балыкчылар торлорун жайышты.*

БАЛЫКЧЫЛЫК *зат.* Балык уулоочулук, балык жагынан болгон кесипчилик.

БАЛЫР *зат.* 1. Тамыры, жалбырагы жана бутак, сөңгөктөрү жок жайылып, бири-бирине илээшип өскөн суу өсүмдүгү. *Балырда балык ойногон, Черинде жолборс жойлогон* («Семетей»).

2. *өт.* Супсак, даамы жок. *Бул убакта кекилик, чил балдарын учуруп калган, бирок эттери балыр татып турган учур* (Каимов).

БАЛЫРЛУУ *сын.* Балыры бар, балыр менен капталган. *Кыштактын үйлөрү балырлуу көлдүн бетинде сүзгөн сыяктуу көрүнөт* (Жантөшев).

БАЛЫШ *зат. диал.* Жаздык. *Жутаке сол жагындагы балышты оңдоп, кыйшая кетти* (Жантөшев).

БАЛЬЗАМ *зат.* Айрым түрлөрү техникада жана медицинада колдонулуучу, составында чайыр жана эфир майы бар өсүмдүктөрдүн жыттуу ширеси; дары чөптөрдөн алынган шире жана сыйпай турган коюу состав.

БАМБУК *зат.* Тропикалык, субтропикалык жактарда жыгач сыяктуу бийик өскөн, сөңгөгү муунактуу жана солкулдак келген өсүмдүк.

БАНАН *зат.* Буласын же мөмөсүн алуу үчүн эгилүүчү бийик өскөн жазы жалбырактуу тропикалык өсүмдүк.

БАНДА *зат.* Каракчылардын, талоончулардын тобу. *—Мына, тетиги көрүнгөн калың токойдо бандалар бар,— деди ал* (Баялинов).

БАНДЕРОЛЬ *зат.* Жөнөтүлүүчү китеп, журналдарды орой турган жазы кагаз жана ошондой кагазга оролуп, почта аркылуу жиберилүүчү буюм (китеп, журнал).

БАНДИТ *зат.* Бандага катышкан куралдуу каракчы, куралдуу талоончу. *Ак банditтердин ойронун чыгара турган күч бизде, жумушчуларда* (Сасыкбаев).

БАНДИТИЗМ *зат.* Каракчылык жана талоончулук ишин жүргүзүүчү бандиттердин иши.

БАНК *зат.* 1. Ири кредиттик мекеме. *Мамлекеттик банк. Банк кызматкерлери.*

2. Карта оюнунда ортого чогулган акча.

3. Кумар оюнунун бир түрү.

БАНКА *зат.* 1. Айнектен, калайдан жасалган цилиндр формасындагы идиш. *Бир банка консерва.*

2. *мед.* Суук тийгенде эт менен терinin арасындагы желди кетирүү үчүн ошол жерге кичине стакандар менен коюлган оңко, картык.

БАНКЕТ *зат.* Бирөөнүн же бир нерсенин урматына арналып даярдалган салтанаттуу тамак. *Банкет берүү. Банкет жасоо.*

БАНКИР *зат.* Капиталисттик өлкөлөрдөгү ири акционер же банкты эзлеген ири капиталист.

БАНКИРДИК *сын.* Банкирге таандык.

БАНКРОТ *зат.* 1. Карызын төлөөгө кудурети келбеген адам.

2. *өт.* Коом ишинде же жекече турмушунда иши ордунан чыкпай, жыдып жүргөн адам.

БАНТ *зат.* Илмек менен көркөм кылып байланган лента, тасма.

БАНТИК *зат.* Банттын кичинекейи. *Жаш энеси жаңсап сүйлөп баратат, Жашыл бантик эрке кызын жетелеп* (Аалы).

БАҢГИ *зат.* Апийим ичүүчү жана нашаа тартуучу киши.

БАҢГИЛИК *зат.* Апийим ичүүчүлүк, нашаа тартуучулук.

БАП I *зат.* Даярдык, дал келгендик, табы жеткендик. *Жакшы кушка жаман куш бабы менен теңелет* (макал). *Айтканындай бап келди. Бап келишкен.*

БАП II: алтын бап — алтын жип менен токулган буюм.

БАПАЙ *этиш.* Бапсыюу, апсыюу (сакал-муруту, чачы, жүнү өсүү).

БАПАЙТ бапай этишинин аркылуу мамилеси.

БАПАК *зат.* Териден жасалган төбөсү шоңшогой кебетей. *Толтура кеме толгон алтын дандын Эзлери барак сакал, кундуз бапак* (Аалы).

БАПАКТА бапалакта менен бирдей.

БАПАЛАК *сын.* Карбаластаган, көп сүйлөгөн, алабарман.

БАПАЛАКТА *этиш.* 1. Бадылдап көп сүйлөө, алабармандык кылуу. *Андрей ого бетер бапалактады* (Сыдыкбеков).

2. Кар лапылдап калың жаап туруу. *Жумшак кар күчөгөндөн күчөп бапалактап жааган сайын шаар ичи ого бетер калбаттанып ным тартат* («Ала-Тоо»).

БАПАЛАКТАТ бапалакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАПАЛАКТОО бапалакта этишинин кыймыл атоочу.

БАПЕС: бапес менен — жакшылап, мыктап. *Ой, ой, жигит, ой жигит! Билер болсоң пахтанын Бапес менен бакканын* (Аалы).

БАПЕСТЕ *этиш.* Абдан жакшылоо, саздоо, кынаптоо. *Бапестеп, элим чоңойтуп, Баатыр болду жүрөгүм* (Осмонкул). *Бапестеп багуу. Бапестеп жыйнаштыруу, иреттөө.*

БАПЕСТЕТ бапесте этишинин аркылуу мамилеси.

БАПЕСТӨӨ бапесте этишинин кыймыл атоочу.

БАПИК *зат.* Чачык. *Четтеринде бапиги бар жоолук.*

БАПСАЙ *этиш.* Аксаюу, апсаюу (сакал-муруту коюуланып өсүү).

БАПСАЙТ бапсай этишинин аркылуу мамилеси.

БАПСАҢДА *этиш.* Сапсаңда, апсаңда.

БАПСАҢДОО бапсаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАПСАЮУ бапсай этишинин кыймыл атоочу.

БАПТА *этиш.* 1. Таптоо (мис., күлүк атты, алгыр кушту), бабын келтирүү, жеткирүү.

2. Бир нерсени кынабына келтирип, тыкан иштөө. *Кантип баптап, кайсы убакта сугардым, Мага берген отуз көчөт бөлөгүн* (Аалы). *Баптап сүйлөсөң, сөзүңдө даам болот* (Сыдыкбеков).

БАПТАН бапта этишинин өздүк мамилеси.

БАПТАНТ бапта этишинин аркылуу мамилеси.

БАПТАШ бапта этишинин кош мамилеси.

БАПТИЗМ *зат. дин.* Акыл-эси киргендерди гана чокунткан христиан секталарынын бири туурасында окуу, диндик ишеним.

БАПТИСТ *зат. дин.* Баптизмге берилген, ошол ишенимге кирген динчил адам.

БАПТОО бапта этишинин кыймыл атоочу.

БАПТУУ *сын.* Бабы бар, бабы келишкен. *Коюу, баптуу, кер мурутун тил менен Ирмеп алды, кылдын даамын таткандай* (Аалы).

БАПЫЙ *этиш.* Чоң, калың болуп көрүнүү. *Бапыйган кара сакал, өгүз көөдөн* (Үмөталиев). *Жогорку жайпак төрдүн үстүндө чеңгелдей аппак булут.. ачылган пахтадай бапыйып турганы болбосо, көгүлтүр асман туптунук* (Сыдыкбеков).

БАПЫЙТ бапый этишинин аркылуу мамилеси.

БАПЫЛДА *этиш.* Бап-бап этүү, бакылдап катуу сүйлөө. *Молотилка басып жатса бапылдап, Автобустар аркы-терки ташыган* (Калык). *Добулбас үнү бапылдап, Чыңыроо үнү такылдап* («Манас»). *Бапылдап орунсуз сүйлөө. Бапылдай берүү.*

БАПЫЛДАТ бапылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАПЫЛДОО бапылда этишинин кыймыл атоочу.

БАПЫРАКТА *этиш.* Көтөрүңкү көңүл менен жайдары, жоомарт жүрүү. *Бапырактап иштеп жаткан эле балдар* (Таштемиров). *Бапырактаган киши. Бапырактап сөз бербөө.*

БАПЫРАКТАТ бапыраkta этишинин аркылуу мамилеси.

БАПЫРАКТОО бапыраkta этишинин кыймыл атоочу.

БАПЫЮУ бапый этишинин кыймыл атоочу.

БАР I *мод.* 1. Бир нерсенин болушу, жок эместиги. *Эркектен менден кичүү иним бар* (Сыдыкбеков). «*Жок, ушул жерден эле кетем, Сизде бир аз жумушум бар*» (Шүкүрбеков).

2. *өт.* Бай, жетиштүү, оокаттуу. *Колунда бар кишиге мындай чыгым кеп эмес* («Ала-Тоо»). *Бардын малын чачты, жоктун абийирин ачты.*

БАР II *ат.* Бардык, бүткүл. *Баарланып көз кайкыттың мелтирет, Бар жагыңды кандай акын келтирет* (Маликов).

БАР III *этиш.* 1. Жөнөө, кетүү, жүрүү, багыт алуу. *Туура барып көрмөк болдук биринчи, Төлгө бүткөн канттын жаңы калайсын* (Аалы). *Атаң барып жоо жеңип, Элдин жазат капасын* (Нуркамал).

2. *өт.* Толуу, чыгуу, келүү. *Адигине, Өмүрбек Сексен бир жашка барыптыр*

(Токтогул). *Эл көзүнө жеңилттиң, Элүү бешке барган жаш* (Токтогул).

◆ **Барып турган** — жеткен, аябаган. **Барса келбес** — катташы эң эле кыйын, жолу катаал. *Барса келбес жер.*

БАРА I *зат.* Бир нерсени айландыруу, кыймылга келтирүү үчүн колдонулган тиштүү же жалпак калакчалуу дөңгөлөк. *Тегирмендин барасы. Толкун болот деңиз үстү, Токтотпогун бараңды* (Аалы).

БАРА II *зат. диал.* Козунун майда тармал көрпөсү. *Башың сындуу көрүнөт, Кара бара бөрк менен* (Барпы).

БАРА III *туурасы:* **пара**.

БАРААН *зат.* Элес, сөлөкөт, караан. *Таң да сүрүп келатты, Көрүнгөн бараан таанылып* («Мендирман»). *Маңдайга чыксам бараан бол, Баатырым Абам, караан бол* («Манас»).

БАРААНДУУ *сын.* Көрүнүктүү, белгилүү. *Бараандуу жигит. Бараандуу журт.*

БАРАБАН *зат.* 1. Эки жагы жаргак менен капталган, ургулап ойной турган цилиндр формасындагы музыкалык инструмент. *Барабан Сырганын көзүнө куду дарбыздай болуп, Омордун колтугунан көрүнө түштү* (Сыдыкбеков).

2. *тех.* Цилиндр формасындагы ар түрдүү машиналардын жана механизмдердин деталы.

БАРАБАНЧЫ *зат.* Барабан кагуучу (уруучу) киши.

БАРАБАР *зат.* Бирдей, тең. *Эр элеси тирүүлүккө барабар* (Маликов). *Айдай жүзү абийир тапкан адам бар, Айлык иши жылдык ишке барабар* (Нуркамал).

БАРАБАРДЫК *зат.* 1. Бирдейлик, теңдик.

2. *мат.* Барабардык белгиси аркылуу бириктирилген алгебралык эки туюнтманын чогуусу.

БАРАК: *зат.* Китеп, дептердин же кагаздын бөлөк-бөлөк тилкеси. *Жүз баректан турган китеп. Эки барак кагаз.*

БАРАК II *зат.* Убактылуу туруу үчүн жеңил-желпи тургузула койгон жыгач үй. *Токтогулдар жаткан баракка орус революционерлери да келишти* (Бөкөнбаев).

БАРАК III *сын.* Узун тармал жүндүү; апсайган. *Барак ит. Барак жүндүү.*

БАРАКЕЛДЕ *сырд.* Кубаттоодо, мактоодо, ыраазы болуудэ же кекээрлеп какшыктоодо айтылат. *—Баракелде, балам!— деди жашын кылгыртып унчукпай олтурган узун кара киши* (Аалы). *—Бах! Баракелде совет элинин күчүнө! — деди Жапар* (Баялинов). *Калпыңа баракелде!* (Сыдыкбеков).

БАРАКТА I *этиш.* Баректарды биринин артынан бирин ачуу. [*Сабыр*] *Динарчылап чалкалай олтуруп, китеп баректап калчу* (Сыдыкбеков).

БАРАКТА II *этиш.* Барак-барак этип, буркан-шаркан түшүп кайноо.

БАРАКТАТ баракта этишинин аркылуу мамилеси.

БАРАКТАШ баракта этишинин кош мамилеси.

БАРАКТОО баракта этишинин кыймыл атоочу.

БАРАКЧА *зат.* 1. Кичинекей барак. *Баракча кагазды колуна жаза кармап, Сеитов алдыга өттү* (Сыдыкбеков).

2. *саяс.* Көбүнчө саясий мазмундагы кичине брошюра, китепче же барак кагаз.

◆ **Күжүрмөн баракча** — мыкты иштегендердин жана начар иштегендердин күндөлүк ишин чагылдырып көрсөтүүчү дубал газетасынын бир түрү. *Колхоздун баштапкы партиялык уюму.. күжүрмөн баракчаларды чыгарып турат* («Коммунист»).

БАРАЛ *зат.* Бойго жеткендик, эр жеткендик, жетилгендик. *Баралына келгенде, Телтору атча бар эле* («Курманбек»). *Баралына жеткен жигит.*

БАРАҢ I *зат. эс.* Милте менен эмес, пистон менен атылуучу эски мылтык.

БАРАҢ II: үрөң-бараң же **ирең-бараң** — тан атып келаткан учур, көзгө нерселер элес-булас болуп көрүнгөн маал. *Ирең-бараң таң сөгүлгөн, Чолпон чогу төгүлгөн* (Бөкөнбаев). *Ала-Тоо көшүлүүдө. Аскалары үрөң-бараң тартып, каалгып үргүлөшөт* (Сыдыкбеков).

БАРАТКЕ *зат. сүйл.* Тартип, ирет.

БАРАТКЕЛЕ *этиш.* Тартипке келтирүү, жөнгө салуу, тартипке салуу, иретке келтирүү.

БАРАТКЕЛЕТ бараткеле этишинин аркылуу мамилеси.

БАРАТКЕЛӨӨ бараткеле этишинин кыймыл атоочу.

БАРАТТУУ *сын.* Акылдуу, эстүү, ыймандуу. *Бул мүнөз бараттуу жандан чыккан, «Сынчы» деп бул адамга атак конгон* (Тоголок Молдо).

БАРБАГАЙ *сын.* Арбагай, барбайып турган. *Барбагай кол. Барбагай мурун.*

БАРБАЙ *этиш.* Эпсиз чоң көрүнүү, барбагай тартуу. *Кол куушуруп барбайып, Сарыбайдын үстүнө Элеман кирип барды* («Эр Төштүк»). [*Дмитрий*].. *барбайган шадылары менен көк ала тарткан.. мурутун жаныпжаныпалып, кайраттуу айтты* (Сыдыкбеков).

БАРБАЙТ барбай этишинин аркылуу мамилеси.

БАРБАКТА *этиш.* Дардактоо, барбандоо. *«Баатырыбыз Сейтек» — деп, Мактанышып, барбактап, Калк чуркурап, эл күлүп* («Сейтек»).

БАРБАКТОО баракта этишинин кыймыл атоочу.

БАРБАҢДА баракта менен бирдей.

БАРБАҢДОО барбаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАРГЕК *зат.* 1. Аялдардын чачына тагылуучу же чекесине тартып кийүүчү алтындан же күмүштөн жасалган буюм. *Башымда чолпон баргегим* («Сейтек»). *Маңдайымда баргегим* («Сейтек»).

2. Сөйкөнүн желбиреөчтөрү. *Алтындан баргек сөйкөнү, Аземдеп сага тагайын* («Мендирман»).

БАРГЕКТЕ *этиш.* Баргек бастырып кооздоо. *Баласының башына Баргектеп үкү тагыптыр* («Манас»).

БАРГЫ: **оргу-баргы** *к.* **оргу I.**

БАРГЫТ *этиш.* Уюлгутуу, куюндатуу, буртулдатуу. *Алгара атын аргытып, Жолдун чаңын баргытып* («Манас»). *Тайбуурулду каргытып, Ооздон көбүк баргытып* («Семетей»).

БАРДАР *сын.* Оокаттуу, мал-мүлктүү, бай. *Колунда бардар киши. Бардардын балдарындай айыл арасына чуу салып ойноп жүргөн бир да бала жок* (Жантөшев).

БАРДЕНКЕ *зат. эс.* Мурдагы орус армиясында колдонулуп келген бир атар мылтыктын түрү.

БАРДЫГЕР *зат.* Баары, бардыгы, болгонунча, болгонунун баары. *Эки уйга үйүмү, бардыгер мүлкүмү жүктөп, сага көчүп келдим* (Жантөшев). [*Күлүкан*].. *жаман кабын кагып, бардыгер унун Каныбек менен Ажар үчүн нан жасоого жуура баштады* (Жантөшев).

БАРДЫГУУ бардык этишинин кыймыл атоочу.

БАРДЫК I *ат.* Баары, бүткүл, баарысы. *Окууну каалаган жашка өлкөнүн бардык жеринде мектептин эшиги ачык* (Сыдыкбеков). *Бардык өнөр өз колубузда.*

БАРДЫК II *этиш.* Көп тойгондон кийинки катуу жүрүштөн кыйналуу, зордугуу (ат жөнүндө).

БАРДЫКТЫР бардык этишинин аркылуу мамилеси.

БАРЕЛЬЕФ *зат.* Жалпак нерсенин бетине түшүрүлгөн жапыз рельефтүү скульптуралык сүрөт. *Көкүрөктөрүндө кичинекей Ильичтин барельефи бар октябряттык жылдызча тагылган* («Кыргызстан аялдары»).

БАРЖА *зат.* Ичине жүк салып, кемеге чиркелип жүрүүчү чоң кайык. *Жалгыз гана түтүнүн көккө бүркүп баржа сүйрөгөн кеме чыгыштан батыш тарапка бараттат* («Ала-Тоо»).

БАРЖАГАЙ *сын.* Барпагай, барбагай, эткел. *Жолборс жоон-жолпусунан келген, буттары баржагай, кадимки күрдөбөт* (Каимов).

БАРЖАЙ *этиш.* Барпаюу, барбаюу, эткел болуп көрүнүү.

БАРЖАКТА *этиш.* Көбүрүп-жабыруу, көбүктөнүү. *Бозо баржактап көбүрөт.*

БАРЗАНТ *туурасы*: **парзант.**

БАРИЙ *зат.* Химиялык элемент; күмүш түстүү жумшак металл.

БАРИК *зат. диал.* Жалбырак. *Тыттын баригине кана тойгон курттар барсайып барсайып калыптыр* (Касымбеков).

БАРИКТУУ *сын.* Жалбырактуу, жалбырагы калың, жыш. *Бариктуу жыгач.*

БАРИТОН *зат.* **1.** Эркектин бийиктиги боюнча орточо, бас менен тенордун аралыгындагы үнү.

2. Ушул үндө ырдоочу ырчы.

3. Трубадан бир октавага төмөн үйлөмө жез инструмент.

БАРК 1 *зат.* Баа, кадыр, сыймык, бедель. *Эрөөн кылба бак тикките дегенди, Баркын байкап, бак кадырын билели* (Осмонов). *Чаргын барк күткөндөн бери.. шылдыңга.. чек коюлган* (Сыдыкбеков). *Бизлин элдин наркы бар, Билсең сөздүн баркы бар* («Семетей»).

2. Айырма, өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк. *Жакшы менен жамандын Арасында баркы бар* (Осмонов).

БАРКАС *зат.* Көп калактуу чоң кайык.

БАРКТУУ *сын.* Кадырлуу, урматтуу, баалуу, баркы бар, сыйлуу. *Сурадым Тарас жөнүн сез соңунда, Ал барктуу кызматчы дейт өз ордунда* (Абдыраманов).

БАРКЫЛДА *этиш.* **1.** Жагымсыз, орой үн менен бакылдап сүйлөө. *Күч бергени Момунжан, Кеңеш айтып баркылдап* («Сейтек»).

2. Бака-шака түшүп катуу кайноо. *Баркылдап көбүк бүркүп, экиленип, Шарактап кайнап турат кара кумган* (Бөкөнбаев).

БАРКЫЛДАК *сын.* Баркылдап орой сүйлөгөн.

БАРКЫЛДАТ баркылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАРКЫЛДОО баркылда этишинин кыймыл атоочу.

БАРКЫРА *этиш.* Баркылдоо, үнүн жоон чыгаруу. *Бар-бар этип бала ыйлайт, Баркырап бала бек ыйлайт* («Манас»).

БАРКЫРАК *сын.* Баркыраган, кыйкырган.

БАРКЫРАТ баркыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАРКЫРОО баркыра этишинин кыймыл атоочу.

БАРКЫТ *зат.* Жибектен токулган, түгү бет жагына чыгарылып, тыгыз кыркылган баалуу материал. *Баркыт тыштуу тебетей. Баркыт көшөгө.*

БАРЛЫК бардык менен бирдей.

БАРМАК *зат.* Колдун жана буттун беш манжасынын биринчиси, башкы жоону, жалпы эле беш манжа. *Баш бармак. Бармактарың барбайтып, Басаган элең жыргалым* (Тоголок Молдо).

◆ **Беш бармак** — этти майда туурап, кесме, азыраак шорпо кошуп жей турган тамак. **Бармагын тиштөө** *к.* **тиште. Бармак басты, көз кысты** — башкаларга билгизбей, будамайлап өз ара иштей са. уу.

БАРМАКТАЙ *сын.* Кичинекей, чоң эмес. *Өзү басып өткөн каардуу турмуш элу баланы бармактай кезинен чыйрак өстүрдү* (Каимов).

БАРМАН *зат.* Буйрук. *Байдын иши барман менен, жоктун иши дарман менен* (макал).

БАРОГРАФ *зат.* Атмосфералык басымдын өзгөрүшүн регистрациялап туруучу өзү жазгыч прибор.

БАРОМЕТР *зат.* Атмосфераның басымын ченөөчү прибор. *Сымап барометри.*

БАРОН *зат.* Феодалдык жана буржуазиялык коомдогу графтан төмөнкү дворяндык титул жана ушундай титулу бар адам.

БАРПАЙ *этиш.* Жайылып, чачырап, ачылып туруу. *Гүл барпайып ачылып калыптыр.*

БАРПАЙТ барпай этишинин аркылуу мамилеси.

БАРПАЮУ барпай этишинин кыймыл атоочу.

БАРПЫЙ барпай менен бирдей.

БАРПЫЛДА *этиш.* Баркылдоо, үндү бек чыгаруу. *Бакка башаа киргенде, Барпылдаган кернейдин, Алты жүзү тартылып* («Манас»).

БАРПЫРА *этиш.* Катуу канат кагып учуу, канаттарын катуу талпынта дабыш чыгаруу. *Кыргоолдор аркы өйүзгө барпырап учуп жатты* (Баялинов).

БАРРИКАДА *зат.* Көчө согушунда даллануурга мүмкүн болгон ар кандай нерселерден жасалган тосмо.

БАРС I *зат.* 1. Мышык түркүмүнө кирүүчү жолборстон кичирээк келген жырткыч айбан.

2. *эс.* Эскиче жыл эсебиндеги үчүнчү жылдын аты.

БАРС II *туур.* Чорт сынып кеткенде, жарылганда чыккан дабыш. *Билектей ышкынды ортосунан барс сындырды.*

БАРСАЙ *этиш.* Толуу, көбүү, томпоюу. *Барсайып тоюу.*

БАРСАЙТ барсай этишинин аркылуу мамилеси.

БАРСАЮУ барсай этишинин кыймыл атоочу.

БАРСКАН *зат.* Устанын чоң темир балкасы. *Солк этип кулак тунар добуш чыгат, Барсканын колтук керип уста чапса* (Абдыраманов). *Барсканың болот чоюндан, Чапканда таштар жоюлган* (Калык).

БАРСКАНЧЫ *зат.* Барскан уруучу жумушчу. *Бул киши темир устанын барсканчысы Мурза экен* (Сасыкбаев).

БАРСЫЛДА *этиш.* Барс-барс этүү, барс эткен дабыш чыгаруу.

БАРСЫЛДАТ барсылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАРСЫЛДОО барсылда этишинин кыймыл атоочу.

БАРТ *туур.* Морт нерсенин сынганынан же кекиргенден, чайнагандан чыккан дабыш. *Чөптү барт-барт чайнады. Барт кекирди.*

БАРТАГАЙ *сын.* Бадырайган, бартайган, жоон-жолпу.

БАРТАЙ *этиш.* Жоон тартып жайылып туруу. *Бартайган кол. Бартайган кызыл бүчүлүктүү шинелчен киши* (Жантөшев).

БАРТАЙТ бартай этишинин аркылуу мамилеси.

БАРТАЮУ бартай этишинин кыймыл атоочу.

БАРТЫЛДА *этиш.* Барт-барт этүү. *Бартылдап сүйлөдү.*

БАРТЫЛДАТ бартылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАРТЫЛДОО бартылда этишинин кыймыл атоочу.

БАРУУ бар этишинин кыймыл атоочу.

БАРХАН *зат.* Чөл талааларында шамал аркылуу жыйылган, бетине эч нерсе өспөгөн кум дөбөчөлөрү.

БАРЧ: барч-барч *туур.* Кескенде, чайнаганда чыккан дабыш, үн. *Ашым үч сарымсакты бирдей тиштеп, барч-барч чайнады* (Сыдыкбеков).

БАРЧА I *зат. эс.* Алтын же күмүш менен кештелген калың жибек кездеме.

БАРЧА II *сын.* Майда, кичине; майда-майда бөлүкчөлөр. *Барча-барча тууроо. Бүткүл элди карап аксакалдар тизмени майда-майда барчаларга бөлүп жатты* (Абдукаримов).

БАРЧАЛА *этиш.* Майда-майда бөлүкчөлөргө бөлүү.

БАРЧАЛАТ барчала этишинин аркылуу мамилеси.

БАРЧАЛОО барчала этишинин кыймыл атоочу.

БАРЧЫЛДА *этиш.* Барч-барч этүү.

БАРЫКТА *этиш.* Кадырлоо, урматтоо, сыйлоо, баалоо. *«Балакыз баатыр болду» деп, Барыктап жазган кат алдым* (Бөкөнбаев).

БАРЫКТОО барыкта этишинин кыймыл атоочу.

БАРЫЛДА *этиш.* Жагымсыз жоон дабыш чыгаруу, баркыроо.

БАРЫЛДАТ барылда этишинин аркылуу мамилеси.

БАРЫЛДОО барылда этишинин кыймыл атоочу.

БАРЫМТА *зат.* Жоолашкан уруулардын өз ара доосу үчүн кармалып калган мал, жан. *Мына, биз барымтадан бошоп, эми силер кетип баратасыңар* (Абдукаримов). *Барымтага бир кеткен Пайдасы жок бар малың* (Тоголок Молдо).

БАРЫМТАЛА *этиш.* Барымтага кармоо, барымта кылуу.

БАРЫМТАЛАТ барымтала этишинин аркылуу мамилеси.

БАРЫМТАЛОО барымтала этишинин кыймыл атоочу.

БАРЫМТАЧЫ *зат.* Барымта алууга катышуучу адам; доо үчүн бирөөнүн малын чаап алууга катышкан киши.

БАРЬЕР *зат.* Секирип өтүү үчүн жасалган тосмо, тоскоол; жолтоо.

БАС I *зат. муз.* Эркектин коңур чыккан жоон үнү; ушул үндө ырдаган ырчы.

БАС II *пас* I менен бирдей.

БАС III *этиш.* 1. Жүрүү, арымдоо. *Узак жол бастык.*

2. Каптоо, жайылуу, жайноо. *Суу баскан жер. Жерге тийсе ыргалат, Жер бетин булут баскандай* (Осмонкул).

3. Экинчи бир нерседен күчтүү келүү, басымдуу келүү. *Шамал аркыран соккон сайын мотордун доошун басып кеткендей болот* (Сыдыкбеков).

4. Каратуу, баш ийдирүү. *Душманга бастырба. Душман элди, жерди басып алууну көздөйт*

5. Ныгыруу, үстүнөн ныктоо. *Төбөсүнөн бекем басып, капкагын көтөрбөс кыл* («Чалкан»).

6. Токтотуу. *Ызакул колун көтөрүп, дуу-дууну басты* (Бейшеналиев).

7. Басмадан чыгаруу; кагаз бетине жазуу, так түшүрүү. *Китеп басып чыгаруу. Печать, штамп басуу.*

◆ **Балапан басуу же жумуртка басуу— жөжө, балапан чыгаруу.** *Ийрилген көл ичинде аралдарга, Каздары каркылдашып*

балапан басып (Маликов). **Бас-бас болуу; бас-бас кылуу** — токтотуу, унчукпай калуу, жашыруу. *Шекер бир жактан чаңырып чыкты. Бирок ак сакалы колун көтөрүп жаңсап.. аларды бас-бас кылды* (Касымбеков). *Чатакташкандар бас-бас болуп калышты.*

БАСА *мод.* Эске түшө калган ойду, сөздү кошо кыстара кетүү, кошо баяндоо учурунда колдонулат. *Баса, биздин уулдун жакында үйлөнүү тою болгону жатат* («Ала-Тоо»).

БАСАЙ *этиш.* Азаюу, кичирейүү, ылдыйлоо, төмөндөө. *Очокто үйүлүп турган таш көмүр эң күчтүү жарык чыгарат да, ошол замат кайра басая түшөт* (Абдукаримов).

БАСАЙТ басай этишинин аркылуу мамилеси.

БАСАҢЧА *такт.* Басыла түшкөндөй абалда. *Жаан басаңча тартты.*

БАСАҢ *такт.* Төмөн. акырын.— *Күрбулар! — деди ал үнүн басаң чыгарып* (Абдумомунов).

БАСАҢДА *этиш.* Азаюу, басылгансып калуу. *Түнү катуулап, күндүзү басаңдап ыйыргактаткан ак жаан төртүнчү сутка да басылды* (Бейшеналиев).

БАСАҢДАТ басаңда этишинин аркылуу мамилеси.

БАСАҢДОО басаңда этишинин кыймыл атоочу.

БАСАР: орун басар — кызматы боюнча өзүнөн жогору турган адамдын (начальниктин же башка жетекчинин) ордуна калып иштөө укугуна ээ болгон кызматкердин официалдуу наамы. *Директордун орун басары. Министрдин орун басары.*

БАСАЮУ басай этишинин кыймыл атоочу.

БАСКАК: бел баскак — 1) кичине ойдун, кайкы. *Мукай, Токуш.. төмөнкү бел баскактан.. элик айдаш керек* (Таштемиров); 2) мурдунун жону жок, кайкы. *Мурду бел баскак.*

БАСКЕТБОЛ *зат.* Топту чийимдин эки жак четине (ар бир команданын тарабына) орнотулган торго кол менен салып ойной турган спорттук оюн.

БАСКЕТБОЛЧУ *зат.* Баскетбол оюнунун катышуучусу.

БАСКЫНЧЫ *зат.* Басып алуучу, каратып алуучу. *Баскынчыны басынтып, Жеринен сүрүп айдаган* (Калык).

БАСКЫЧ *зат.* 1. Өйдө чыгуу жана түшүү үчүн жасалган тепкичтин аяк коё турган, баса турган бөлүктөрү, секилери. 2. Даража, деңгээл. *Бул баатырлыктары үчүн Сыдыков биринчи баскычтагы Ата Мекендик Согуш ордени менен сыйланды* («Советтик Кыргызстан»).

БАСКЫЧТУУ *сын.* Баскыч-баскыч болгон, баскычтары бар.

БАСМА I *зат.* Тамак оорунун бир түрү.

БАСМА II *зат.* Китепти басууга даярдоочу, басып чыгаруу иштерин тейлөөчү мекеме. *«Кыргызстан» басмасы. Көркөм адабият басмасы.*

◆**Басма табак** — басылган текстти көлөмүн эсептөөдө колдонулуучу чен. *Отуз басма табак. Он басма табактан турган чыгарма.*

БАСМАЙЫЛ *зат.* Ээрди токулган унаанын (аттын, өгүздүн ж. б.) жонунан шыпырылбас кылып бекитүү үчүн тартылган тасма, кайыш. *Кош басмайыл. Чап басмайыл.*

БАСМАКАНА *зат.* Газета, журнал, китеп ж. б. басылып чыгарылуучу жай.

БАСМАЧЫ *зат.* Орто Азияда Совет бийлигин чыңдоо күрөшүнө каршы чыгып, контрреволюциялык кыймылга катышкан бандит, душман.

БАСМАЧЫЛЫК *зат.* Басмачылардын бандиттик иштери, талап басып алуучулук.

БАСМЫРЛА *этиш.* Басынтуу, кемсинтүү. *Басмырлап кедей шордууну Бай менен манап жадатты* (Каралаев).

БАСМЫРЛАТ басмырла этишинин аркылуу мамилеси.

БАСМЫРЛОО басмырла этишинин кыймыл атоочу.

БАСМЫРТ *сын.* 1. Токтоо, оор басырык. *Даниярдын унчукпас, басмырт мүнөзүндө кандайдыр терең маани бардай* (Айтматов). 2. Көңүлсүз, капалуу, көңүлү чөгүңкү. *Эртеден бери муңайым болуп, басмырт жүргөн Айганыш эле* (Сыдыкбеков). 3. Акырын, жай, басыңкы. *Кыздын үнү басмырт чыкты* (Сыдыкбеков).

БАСМЫРТТА *этиш.* Көңүлсүз болуу, көңүлү чөгүү; кемсинтүү, ыза кылуу, беделин сындыруу, басынтуу. *Басмырттап минтип жүргөнчө, Өлүп калмак жөн экен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Бирөөнү басмырттап ыза кылуу.*

БАСМЫРТТОО басмыртта этишинин кыймыл атоочу.

БАССЕЙН *зат.* 1. Суу токтотуп жасаган көлчүк, көлмө.

2. *геогр.* Бир көлгө куйган бардык чоң сууларды жана анын куймаларын бириктирип турган территория; көлгө, деңизге тиешелүү аймак.

3. *геол.* Тоо кендери жайлашкан жер.

БАСТА *этиш.* Басаңча болуу, тынчуу, акырындоо, бир аз токтолуу, тартылуу. *Шамал бастайын деди. Толкун баста к.*

БАСТАНЧА *ат.* Белгисиз бир нерсе же аты аталбаган бирөөнүн ордуна колдонулат. *Бастанча иш, Бастанча киши жөнүндө.*

БАСТАТ баста этишинин аркылуу мамилеси.

БАСТАШ *этиш.* Эрегишүү, теңтайлашуу. *Баатыр совет элине Басташып кимдер тең келет!* (Аалы).

БАСТАШУУ басташ этишинин кыймыл атоочу.

БАСТОО баста этишинин кыймыл атоочу.

БАСТЕК I *зат. диал.* Чайнек. *Ак бастекке чай демдеп.*

БАСТЕК II *сын. диал.* Жапыз, кыска, кодоо. *Көзү жыртак, бою бастек сары киши* (Жантөшев). *Бастек бою бар, ак тара кийген тону бар* (жандырмагы—кой).

БАСТИОН *зат.* Крепосттук тосмолордун бурчтарына орнотулуучу формасы беш бурчтукка окшош согуштук сепил.

БАСТЫР бас этишинин аркылуу мамилеси.

БАСТЫРМА *зат.* Астына мал байлоочу же отун, майда-барат нерселерди коюучу үстү жабылган сере. *Бастырманын астында эки ат турат* (Жантөшев).

БАСУУ бас этишинин кыймыл атоочу.

БАСЫК *зат.* Аттын же башка минилүүчү унаанын жүрүшү. *Басыгы жакшы ат.*

БАСЫКТУУ *сын.* Басыгы жакшы, басыгы ылдам. *Башын жулкуп идерет Басыктуу кара кунаны* (Осмонкул).

БАСЫЛ *этиш.* Токтолуу, тыйылуу. *Деп ошентип хан Бакай, Ботодой боздоп басылды* («Семетей»).

БАСЫЛУУ басыл этишинин кыймыл атоочу.

БАСЫМ *зат.* 1. Нерсенин үстүнкү бетине аракет кылуучу күчтүн ошол беттин аянтына болгон катышы аркылуу өлчөлүүчү чоңдук. *Суунун басымы. Газдын басымы.*

2. Бир заттын экинчи бир заттан болгон көптүгү, артыкчылыгы. *Күчү басым келди.*

3. *грам.* Сөздүн бир муунунун башка муундарга караганда көтөрүңкү айтылышы.

◆ **Бармак басым** — кичинекей, бармак ордундай.

БАСЫМДУУ *сын.* 1. Көбүрөөк, артыгыраак, көптүгү, артык экендиги менен өзгөчөлөнгөн; салмактуу.

2. *грам.* Басым түшкөн (сөз муунуна карата).

БАСЫН *этиш.* Корунуу, төмөндөө, чүнчүү, кемсинүү. *Өксүк менен келатам Өмүрүмчө басынып* (Токтогул). *Торгой элем басылдым, Тобурчак элем басындым* (Токтогул).

БАСЫНТ басын этишинин аркылуу мамилеси.

БАСЫНУУ басын этишинин кыймыл атоочу.

БАСЫШ бас этишинин кош мамилеси.

БАТ I *зат.* Крахмал, ундан жасалган желим. *Баты бар кездеме.*

БАТ II *зат.* Бедел, кадыр, атак, абийир. *Батын кетирүү.*

БАТ III *такт.* Тез, ылдам, бачым. *Талча Акматты бат эле ээрчитип келди* (Байтемиров).

БАТ IV *этиш.* 1. Сыюу, толуу. *Анын баары тең бул кичинекей куржунуна кантип батты* (Сыдыкбеков).

2. Кирүү, сайылуу. *Ата! Карачы, дал өпкөсүнө шумкардын бардык тырмактаоы батыптыр* (Жантөшев).

3. Горизонттун арка жагына өтүү, асмандан көрүнбөй калуу (күнгө, айга, жылдыздарга карата). *Чолпон баткан, ирең-бараң таң аткан* (Бөкөнбаев). *Күн уясына батып бараткан кез* («Ала-Тоо»).

4. **Тайманбоо, даай алуу, кайрат көрсөтүү.** *Алтымыш коркок биригип, Бир баатырга бата албайт* (Токтогул). *Баарыбыз бир ооздуу болсок, бизге эч ким бата албайт* (Жантөшев).

5. *өт.* Бөлөнүү. *Көп кызыкка Эр Төштүк Батпай кеткен эмеспи* («Эр Төштүк»).

6. *өт.* Өз кишидей алынуу, четтеп, чоочун болуп калбоо. *Айлына, эл-журтуна батпай, четтеп калуу.*

БАТА *зат. дин.* 1. Курандын биринчи сүрөөсүнүн аты.

2. *дин.* Алкыш, тилек. *Куру аякка бата жүрбөйт* (макал). *Аман болгун балам деп, Ак батасын беришип* («Олжобай менен Кишимжан»).

◆ **Бата кылуу** — өлгөн адамдын үйүнө барып дуба кылуу, куран окутуу жана үй-бүлөсүнө көңүл айтуу.

БАТАКӨЙ *сын.* Бата берип, ак тилегин, алкышын, каалоосун билдирген. *Батакөй Кошой олуя ошол аштын башы да* («Манас»).

БАТАЛАШ *этиш.* Антташуу, шерттешүү, убадалашуу, бири бирине сөз берүү. *Бай-манаптар чогулуп Баталашкан шерт болду* (Тоголок Молдо). *Бөлүндү болбойлу, баталашалы* (Убукеев).

БАТАЛЬОН *зат.* Жөө аскерлердин бир нече ротасынан турган полктун бир бөлүгү.

БАТАЛЬОНДУК *зат.* Батальонго таандык.

БАТАРЕЯ *зат.* 1. Бир канча замбирек, миномёттордон турган артиллериялык бөлүк.

2. Бирдей элементтерден, бөлүктөрдөн турган, өз ара тизмектелген түзүлүш, бирикме. *Буу менен жылытуунун батареясы.*

3. Бир нече гальваникалык элементтердин же аккумулятордун өз ара бирикмеси. *Электр батареясы. Аккумуляторлор батареясы.*

БАТАРЕЯЧЫ *зат.* Батареялык жоокер.

БАТЕК *зат.* Таманга бут кийимдин ичинен төшөлүүчү кийиз же башка материал.

БАТИР *зат. сүйл.* Акы төлөп турууучу турак үй, турак жай. *Турпандык Сабитакундун ат кепесин.. Козубек батирге алды* (Баялинов). *Батир акы.*

БАТИРЧИ *зат. сүйл.* Батирде турууучу адам.

БАТИСТ *зат.* Жука кездеме.

БАТКАК *зат.* Ылай; балчык, сууга эзилген топурак. *Жолдун баары көлчүк-көлчүк суу, баткак* (Баялинов).

БАТКАКТА *этиш.* Баткак кылып, ылайлап жиберүү.

БАТКАКТАТ баткакта этишинин аркылуу мамилеси.

БАТКАКТОО баткакта этишинин кыймыл атоочу.

БАТКАКТУУ *сын.* Ылай болгон, баткакталган. *Эчен-эчен чөр токойлорду, таштуу жолдорду, баткактуу жерлерди жөө артты* (Бөкөнбаев).

БАТМАН *зат.эс.* 1. Алты пуддан он эки пудга чейинки өлчөмдегү оордук чен. *Кырпиги бөлөк, көзү чок, Артындагы батман ок* («Сейтек»).

2. *өт.* Көп, чоң, зор. *Береке батман тоо болуп, Бет алгандар тургандай* («Манас»).

БАТМАНДА *этиш.* Үстү-үстүнө, үстөкө-босток, көптөп. *Ору батмандап кирип, мыскалдап чыгат* (макал).

БАТОН *зат.* Формасы сүйрү жана жалпагынан келген ак нан.

БАТПИРЕК *зат.* Жука камыш таякчалар менен кагазды жабыштырып, боо тагып асманга учуруучу балдар оюнчугу.

БАТРАК *зат.* Байга жалданып иштөөчү дыйкан. *Батрак болуп катталдык, Бардык кедей жазылып* (Осмонкул).

БАТТА *этиш.* Желим же камыр менен жабыштыруу, чаптоо. *Камыр менен баттап салды.*

БАТТАШ батта этишинин кош мамилеси.

БАТТОО батта этишинин кыймыл атоочу.

БАТТУУ *сын.* Баты бар; батташкан. *Чыт болгондо да баттуу чыт экен* (Сыдыкбеков).

БАТУБА *зат. эс.* Шарияттын түшүндүрмөсү. *Батубаңды окудум, бала жытын сагындым* (Сыдыкбеков).

БАТУУ бат этишинин кыймыл атоочу.

БАТЫК *зат. эс.* Кайрат, батым. *Батылым барбады.*

БАТЫМ *зат.* Башкалар менен мамиле кыла билгендик, башкалар менен ынтымакта тура билгендик. *Түк кишиге батымы жок.*

БАТЫМДУУ *сын.* Батымы бар, аралаша, батыша алган.

БАТЫР I бат этишинин аркылуу мамилеси.

БАТЫР II *туур.* Катуу нерсени чайнаганда, майдалаганда чыккан дабыш. *Батыр эттире чайноо.*

БАТЫРА *этиш.* Батыр-батыр этүү.

БАТЫРАТ батыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАТЫРОО батыра этишинин кыймыл атоочу.

БАТЫРУУ батыр этишинин кыймыл атоочу.

БАТЫШ I *зат.* Күн батуучу тарап; чыгыштын карама-каршысы. *Колун батыш жакка шилтегендей болот* (Сыдыкбеков).

БАТЫШ II бат этишинин кош мамилеси.

БАХ *сырд.* Кубангандыкты, сүйүнгөндүктү, ыракаттуулукту билдирет.— *Бах! Баракелде совет элинин күчүнө!* — *деди Жапар* (Баялинов). —*Бах! Тим эле, мээге жетет. Муздактыгын айтпа?* (Бейшеналиев).

БАЦИЛЛА *зат.* Таякча түрүндөгү бактерия.

БАЧАГАР *зат.* Жолу болгур, куурагыр. *Бачагардын бул кылгысы эмнеси!*

БАЧАЙЫ башайы менен бирдей.

БАЧИКИ *зат.* Түлкүнүн күчүгү.

БАЧЧАГАР бачагар менен бирдей.

БАЧЫМ *такт.* Тез, ылдам, бат. *Эл үйларын агытып жиберишти. Бол, бачым* (Бейшеналиев).

БАЧЫМДА *этиш.* Тездетүү, ылдамдатуу, шашылуу.

БАЧЫМДАТ бачымда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЧЫР *туур.* Катуу (таш, айнек сыяктуу) нерселерди басканда, талкаланганда чыккан дабыш.

БАЧЫРА *этиш.* Бачыр-бучур этип күйүү же сынуу.

БАЧЫРАТ бачыра этишинин аркылуу мамилеси.

БАЧЫРОО бачыра этишинин кыймыл атоочу.

БАШ *зат.* 1. Адам менен айбандын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон мүчөсү.

2. Адамдын өзү, керт башы. *Жалгыз баш киши. Төрт баш бүлө. Миң өнөр бир башына көптүк кылбас* (Нуркамал).

3. Арпа, буудай, конок, таруу сыяктуу эгиндин дан байлаган уч жакты бөлүгү, дандуу жагы. *Дандарың жерге түшөвсүн, Башыңды бирөө үзбөсүн* (Осмонов). *Бир баш буудай. Таруу баш алган кез.*

4. Башчы, жетекчи. *Кербен башы. Миң башы.*

5. Төбөсү, кылда учу. *Бактын башы.*

6. Башталган жери. *Көвөнүн башы. Суунун башы. Арыктын башы.*

7. Үстү, кашы. *Иштин башында туруу.*

8. Негизги, биринчи, мыкты. *Баш байге. Баш козу.*

9. Алды жактагы, биринчи орундагы, үстүндөгү. *Баш тамга. Баш босого. Баш макала.*

◆ **Башына суу куюу** *к.* **куй III. Кашка баш** — 1) куу, бышкан, дасыккан; 2) башында, мандайында чачы жок. **Баш маанек** *к.* **маанек. Баш чалгыч** — керегенин башын кыркалата чалып курчап коюучу кооз сызма. *Ак кийиз басып кылдатып, Баш чалгычы жибектен Баарын сонун чырматып* («Олжобай менен Кишимжан»). **Баш байлоо** — кудалашып, кудалыкка макулдашып, кызды келиндикке негиздеп коюу. **Боз баш** — жаш, ар нерсеге көп түшүнө бербеген. *Беш жолдошуң бар экен, Бешөө тең боз баш бала экен* («Сариньжи—Бөкөй»). **Баш кесер** *к.* **кесер. Кара башы** *к.* **кара III. Арт ык баш** *к.* **артык. Как баш**—кары кишилерге наалат айтканда колдонулат. **Куу баш** — баласыз, бала көрбөгөн. **Баш алуу** — жок кылуу, өлтүрүү, башын кесип таштоо. **Баш тосуу** — тоскоолго салуу, кайраттануу, кыюу. *Жаны да бирге боломун, Өлүмгө башты тосомун* (Турусбеков). **Башы менен** — биротоло, бүт боюнча. **Башма-баш**— эч кандай үстөк кошпой (алмашканда, айырбаштаганда). **Баш бакуу** — башын созуп, башын киргизип кароо. **Баш көтөрүү** — 1) ордунан туруп отуруу, башын жогору кылуу. *Баш көтөрүп көзүңдү ач* («Курманбек»); 2) каршылык көрсөтүү. *Баш көтөргөн душманды Темир колго кысабыз* (Аалы). **Башкөз болуу** — акыл айтып, башкарып туруу; каралашуу, көз салуу. *Журт эзси — башкөз боломун деп, жашынан бир айылдын жигиттерин сүрө чыккан* (Сыдыкбеков). **Башы ачык** — эч кимге тиешеси жок, эч кимээ болбогон. **Баш тартуу** — тайсалдоо, качуу, макул болбоо, киришпөө. **Баш кошуу** *к.* **кош III. Баш ийүү** *к.* **ий III. Баш сүйлөм** — багыныңкы сүйлөмдөр менен кошулуп, татаал сүйлөмдү уюштуруучу сүй-

лөм. **Баш мүчө** — сүйлөмдүн зэ, баяндоочу

БАШАЙЫ *зат.* Жибек кездеменин бир түрү. *Баркыттан кийген балдар-ай, Башайы көйнөк кыздар-ай* (Осмонов).

БАШАТ *зат.* Таштуу, кургак жердеги булак. *Бул суу бадалдуу жылгадагы башаттардан чогулган* (Абдумомунов).

БАШКА *сын.* Бөлөк, бөтөн, өзгө. *Башка күндөн майрамы көп ушул ай, Барыбызга бакыт ачкан сулуу май* (Осмонов). *Сөздү башкага бургусу келген Шамбет үнүн атайы бек-бек чыгарды* .(Сыдыкбеков).

БАШКАР *этиш.* 1. Жетекчилик кылуу, башчылык кылуу. *Уул, кыз окуп билимдүү Өз өлкөсүн башкарган* (Осмонкул).

2. *өт.* Тейлөө, иштөө. *Заводдордо станокту башкарган, Ар күн сайын 4—5 норма аткарган* (Осмонкул).

БАШКАРМА *зат.* 1. Кандайдыр .бир мекемеге, уюмга жетекчилик кылуучу орган.

2. *сүйл.* Жетекчи, башкаруучу. *Тигил коңшу колхоздо он жылча калыс башкарма болуп турдум* (Шимеев).

БАШКАРТ башкар этишинин аркылуу мамилеси.

БАШКАРУУ 1. **башкар** этишинин кыймыл атоочу.

2. *грам.* Багындыруучу сөз багынуучу сөздүн тийиштүү жөндөмөдө турушун талап кылган синтаксистик байланыш.

БАШКАРУУЧУ *зат.* Башчы, жетекчи, башкаруу ишин алып жүрүүчү. *Мекеменин иш башкаруучусу.*

БАШКАРУУЧУЛУК *зат.* Башчылык, жетекчилик.

БАШКАСЫН *этиш.* Бөлөксүү, жатсынуу, бөтөнсүү.

БАШКАСЫНТ башкасын этишинин аркылуу мамилеси.

БАШКАЧА *такт.* Башка түрдө, бөлөкчө, өзгөчө, бөтөнчө, мурункудай эмес. *Абыштын кубанычы бүгүн башкача* (Таштемиров). *Күлүктүүнүн башкача, Күкүк булбул сен элең* (Токтогул).

БАШКЫ *сын.* Алдыңкы, алгачкы. *Белек аны ары- бери которуп, Көз жүгүрттү ырдын башкы жолуна* (Аалы). [*Диңаар*].. *баракты ачып караса, эң башкы жолуна Аскардын аты жазылган* (Сыдыкбеков).

БАШМАНДАК: башмандак атуу — төнкочук атуу. *Башмандак атып ойноо.*

БАШСЫЗ *сын.* 1. Башы жок, башы кесилген, жулунган.

2. *өт.* Жетекчисиз, башчысыз; иретсиз, тартипсиз.

БАШСЫЗДЫК *зат.* Жетекчиси жоктук: өзү билүүчүлүк, ээн баштык.

БАШТА I *такт.* А дегенде, мурун, мурда, илгери. *Ал башта райкомдо иштеген адам экен* (Сыдыкбеков).

БАШТА II *этиш.* 1. Ишке, аракетке жаңыдан киришүү, өтүү. *Ашыкпа, Наке, шашпагын, Кызык өрнөк баштагын* (Тоголок Молдо).

2. Ээрчитүү, багыт алдыруу, башчылык кылуу, жол көрсөтүү, жетекчилик кылуу. *Жол башта. Көпчүлүктү баштап, тартипке салуу.*

3. Бут кийимдин башын кайрадан жаңыртып тигүү, кончуна жаңы баш салуу.

БАШТАГЫ *сын.* Мурдагы, мурунку. *Баштагы кыргыз биз эмес, Башкача болду элибиз* (Осмонкул).

БАШТАГЫДАЙ *сын.* Мурдакыдай, мурункудай. *Баштагыдай пейлиң жок, Басыгыраак калыбың* («Курманбек»).

БАШТАЛ башта этишинин туюк мамилеси.

БАШТАЛГЫЧ *сын.* Адепки, биринчи. *Башталгыч мектеп.*

БАШТАЛМА *зат.* Башталыш, адепки, биринчи.

БАШТАН 1. **башта** этишинин өздүк мамилеси.

2. *өт.* Бир нерсеге окшоо, кейиптенүү. *Бөрү баштанган. Бөла жолборс баштанган.*

БАШТАНДЫР баштан этишинин аркылуу мамилеси.

БАШТАНТ баштан этишинин аркылуу мамилеси.

БАШТАҢ *зат.* Үй ээлери жокто жаштардын, өзгөчө келин-кыздардын уюшуп тамак жеп, тамаша кылуусу.

БАШТАПКЫ *сын.* Алгачкы, эң мурунку, биринчи. *Баштапкы партиялык уюм.*

БАШТАТ башта этишинин аркылуу мамилеси.

БАШТАТАН *такт.* Мурдатан, илгертен. *Баштатан колдонуп келе жаткан курал.*

БАШТАШ башта этишинин кош мамилеси.

БАШТОО башта этишинин кыймыл атоочу.

БАШТООЧ башталгыч менен бирдей.

БАШТООЧУ *зат.* Жол көрсөтүүчү, алып жүрүүчү, жетекчи, башкаруучу. *Жакшы жолго баштоочу партия менен комсомол* («Жазгыч акындар»).

БАШТУУ *сын.* 1. Башы бар. *Жети баштуу желмогуз.*

2. Башчысы бар, жетекчиси бар.

3. *өт.* Үй-бүлөсү көп; үй-бүлөлүү. *Аппак үйлүү, Зоот үйлүү, Колу иштүү, Малдуу, баштуу, Ошо мен жеңекемди сагынам* (Маликов).

4. *өт.* Тартиптүү, тартипке баш ийген, айтканга көнгөн, айтканды аткарган.

БАШТУУЛУК *зат.* 1. Башчысы бардык, жетекчиси бардык.

2. Үй-бүлөсү көптүк, үй-бүлөлүүлүк.

3. Тартиптүүлүк.

БАШТЫК I *зат.* Бир нерсе салына турган кичинекей капчык. *Баштык жебейт, баш жейт* (макал). *Шатен.. саймалуу кызыл баштыктан тамеки алып, Асанга ажардана карады* (Аалы).

◆ **Ат баштык** — аттын баш терисинен жасалган баштык. **Жем баштык** — атка жем илүү, жем берүү үчүн колдонулган баштык. *Тообай Акбакайга жем баштыкты илип, жылкыларды аралай бастырды* (Абдумомунов).

БАШТЫК II *зат. сүйл.* Башкаруучу, жетекчи, башчы.

БАШЧЫ *зат.* Жетекчи, башкаруучу, баштап жүрүүчү. *Кызыл үйдүн башчысы. Окуу бөлүмүнүн башчысы. Ферма башчысы.*

БАШЧЫЛЫК *зат.* Башкаруучулук, жетекчилик. *Башчылык кылып партия, Калкын жоодон коргоду* (Осмонкул).

БАШЫЛ: кара башыл — киши санына жараган, жарамдуу. *Мен азыр кара башыл киши издеп чыктым* (Сыдыкбеков). *Кара башыл адамдан байге сайышы да ыктымал* (Жантөшев).

БАШЫЛА *этиш.* Баш жагынан өтүү, баш-башынан тиштеп оттоо. *Аңгыча Андрей экөө катарлаша бастырып, жар башылап келип калышты* (Байтемиров). *Койлор чөп башылап оттошот.*

БАШЫЛАТ башыла этишинин аркылуу мамилеси.

БАШЫЛОО башыла этишинин кыймыл атоочу.

БАШЫНАН баштатан менен бирдей.

БАШЫНДА *такт.* Илгери, мурда, мурун. *Башкага тийип кетиптир Башында сүйүп алганым* (Токтогул).

БАЮУ байы этишинин кыймыл атоочу.

БАЯ *такт.* Жана, мындан бир аз мурун. *Ушунча күн... ушунча жыл арасы, Жана гана, бая гана болгондой* (Осмонов).

◆ **Бая күнү** — өткөндө, өгүнү. *Мен ал кишини бая күнү көргөм* (Аалы).

БАЯГЫ *сын.* Мурунку, өткөндөгү. *Баягы кездер. Баягы жылкы келген меймандар.*

БАЯҢКЫ баягы менен бирдей.

БАЯН I *зат.* Кабар, бир нерсенин жөнжайы, мазмуну. *Бирде жаш, бирде кубанч арасында, Марфадан баян уктук мына мындай* (Абдыраманов). *Скуянын баяны. Өмүр баяны.*

БАЯН II *зат.* Татаал системадагы ладдар менен курулган чоң кыяк. *Баян тартуу. Баянга кошулуп ырдоо.*

БАЯНДА *этиш.* Айтуу, түшүндүрүү, баян, кабар кылуу. *Билген-көргөнүндү эл-журтка баянда.*

БАЯНДАЛ баянда этишинин туюк мамилеси.

БАЯНДАМА *зат.* Доклад, билдирме, түшүндүрмө.

БАЯНДАТ баянда этишинин аркылуу мамилеси.

БАЯНДОО баянда этишинин кыймыл атоочу.

БАЯНДООЧ *зат.* Сүйлөмдүн кыймыл-аракетти белгилеп көрсөтүүчү баш мүчөсү.

БАЯТАДАН *такт.* Мурунтан, жанатан. *[Таттуунуч].. баятадан бери.. камдап алган кыйла суроолору дайынсыз жоголду* (Байтемиров).

БАЯТАН *такт.* Мурдараак, жанатан. *Ошол дөбөчөдө баятан бир бала турган эле* (Сыдыкбеков).

БЕГЕМОТ *зат.* Дарыяга, көлгө жакын токойдо жашоочу сүт эмүүчү туяктуу африкалык чоң жаныбар.

БЕГИЛИК *зат.* Сый, той. *Баланын атын койсоңор, Бээ баштаган беш тогуз, Бегиликке беремин* («Сейтек»). *Бээ баштаган беш тогуз, Бегиликке сойду дейт* («Эр Төштүк»).

БЕДЕ *зат.* Үч ача жалбырактуу көп жылдык чөп өсүмдүгү. *Кашка беде. Беде сугаты. Беде чабык.*

БЕДЕЛ *зат.* Кадыр, ардак, сый, авторитет. *Беделин кетирүү. Эл ичинде беделі бар.*

БЕДЕЛДҮҮ *сын.* Кадырлуу, ардактуу, сыйлуу, авторитеттүү. *Мамбеткул менен атаандашуучулардын беделдүүсү Карабек да ошентип жолдон чыга берди* (Каимов).

БЕДЕР *зат.* 1. Саймаланган кооздук, оймо-чийме. *Бедери жок торкодон бек токуган бөз жакшы* (макал).

2. Баа, баалуулук.. *Көк болотто бедер жок, Көпчүлүктө нелер жок* («Манас»). *Сары алтында бедер жок* («Манас»).

БЕДЕРЛҮҮ *сын.* Оймо-чийменленген кооз, көркөм. *Бекбекей ашты бел ашты, Белине бедерлүү саадак жарашты* (Жантөшев).

2. Баалуу, нарктуу.

БЕДӨӨ *зат.* Күлүк ат, эң мыкты күлүк. *Кырк келинчек жүгүрүп, Кырк бедөөнү алганы* («Манас»).

БЕЖИРЕ *этиш.* Маңызданууу, көп сүйлөө. *Сатыкул.. аны-мынуну сурап бежирей берди* (Касымбеков).

БЕЗ I *зат.* 1. Организмге керектүү заттарды иштеп чыгаруучу же керексиздерди бөлүп чыгаруучу орган. *Шилекей бездери.*

2. Эч нерсеге көңүл бөлбөгөн, кайдыгер, түнт (киши жөнүндө).

БЕЗ II *этиш.* Качуу, тызылдоо, тыз коюу. *Жакшы болсо бир туугап, «Жаман» деп ини безеби* (Осмонкул). *Безип кетүү. Безген бойдон кетти.*

◆ **Жандан безген** — жашоодон үмүт үзгөн, жанын аябаган, жандан кечкен (киши жөнүндө).

БЕЗБЕЛДЕК *зат.* Канатын катуу шуулдатып уча турган тоодак түркүмүнө кирүүчү талаа кушу. *Бетеге белден бурагап, Безбелдек сайдан чубаган.*

БЕЗГЕК *зат.* Этти ысытып, денени калтыратып, чыйрыктырып кармоочу инъекциялык оору, калтыратма.

БЕЗДИР без этишинин аркылуу мамилеси.

БЕЗЕ *этиш.* Кубулжутуу, кооз ырдоо, сайроо. *Асмандан торгой безеп, салтанаттуу ырын ырдагандай болот* (Жантөшев). *Кээде ышкырса комузу, Кээде безеп зуулдайт* («Мендирман»).

◆ **Жер чечегин безөө** — өтө уккулуктуу, чечен сүйлөө, сайроо.

БЕЗЕЛЕН *этиш.* Безилдөө, чый-пыйы чыгуу, тынбай сүйлөө; тынбай ырдоо. *Кычан жер тепкилеп безеленди* (Бейшеналиев). *Безеленген берки келинди ого бетер жекирди* (Бейшеналиев).

БЕЗЕЛЕНТ безелен этишинин аркылуу мамилеси.

БЕЗЕЛЕНҮҮ безелен этишинин кыймыл атоочу.

БЕЗЕН безе этишинин өздүк мамилеси.
БЕЗЕНТ безен этишинин аркылуу мамилеси.
БЕЗЕНҮҮ безен этишинин кыймыл атоочу.
БЕЗЕТ безе этишинин аркылуу мамилеси.
БЕЗЕТКИ *зат.* Бетке сары башылданып ысык сыяктуу чыккан майда бүдүрлөр. *Кара тору жүзүнөн дайыма бүдүрөйүп безетки кетпейт* («Ала-Тоо»).
БЕЗИЛДЕ *этиш.* 1. Жанын сабап сүйлөө, какшануу. *«Баралы» десем атаңа, Сен безилдеп болбодуң* («Мендирман»).
2. Тез, катуу жүгүрүү, чымын-куюн болуп чуркоо. *Безилдеп жүгүрүү.*
БЕЗИЛДЕК *зат.* Сүйлөөк, тынчы жок, шашма.
БЕЗИЛДЕТ безилде этишинин аркылуу мамилеси.
БЕЗИЛДӨӨ безилде этишинин кыймыл атоочу.
БЕЗМЕН *зат.* Рычагдуу же пружиналуу кол тараза.
БЕЙАДЕП *сын.* Адепсиз, адеби жок, тартипсиз.
БЕЙАКЫЛ *сын.* Акылсыз, акылы жок. *Сырыңды айтпа эр болсоң, Бейакыл жаман зайыпка* (Тоголок Молдо).
БЕЙБАК *сын.* Бактысыз, шордуу. *Ак Саткын бейбак жаштатып көзүн, Ыр менен айтты жашынмак сөзүн* (Осмонов).
БЕЙБАШ *сын.* Тентек, тартипсиз, эзнбаш. *Бейбаш бала. Бейбаш өскөн.*
БЕЙБАШТЫК *зат.* Тентектик, тартипсиздик, эзнбаштык. *Бейбаштыктан келтек жеп, Ыйлап жүрөт балалык* (Токтогул).
БЕЙБЕЛЧЕК *зат.* Бут беш манжаларынын сөөктөрү. *Кызыл ашык, бейбелчек, Кыйрап кара кан кетип* («Эр Төштүк»).
БЕЙГАМ бейкам менен бирдей.
БЕЙДААРАТ *сын.* Даараты жок, дааратсыз. *Бейдаарат Барпы жүрөт деп, Бергенин буга күйөт деп* (Барпы).
БЕЙДАРМАН *сын.* Дарманы жок, дармансыз. *Жалпы муңдуу мусапыр — Баарыбыз болдук бейдарман* (Токтогул).
БЕЙЖАЙ *сын.* 1. Албуут, долу. *Какылдаган кара кыз Бейжай экен, долу экен* («Эр Төштүк»).
2. *өт.* Жанжал, чыр-чатак. *Мени түртүп бейжайга Кетенчиктеп калбагын* («Манас»).
БЕЙИЛ *туурасы:* **пейил.**
БЕЙИТ *зат.* Өлгөн адамды көмө турган жай, мүрзө, көр. *Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатышты* (Баялинов).
◆ **Бейит башына баруу** — өлгөн адамга арнап бейитке барып мал союп, куран окутуу, бата кылуу.
БЕЙИШ *зат.* 1. **Диндик түшүнүктө: дин жолунан чыкпай жүргөндөргө «тиги» дүйнөдөн берилген жыргалчылык, ыракат жайы.** ***Үйрөнбөгөн бейиштен үйрөнгөн тозок жакшы*** **(макал).** ***«Бейиш, бейиш» дешип, молдолор бейишти издеп, бизди асманга каратышчу эле*** **(Сыдыкбеков).**
2. *өт.* Жыргал, ыракат. *Кыргызстан бейиш болуп кетиптир, Кандай сонун жайдын толгон убагы* (Аалы).
◆ **Бейиши болгур** — өлгөн адамдарды эскергенде, ал жөнүндө кеп кылганда урматтоо, сыйлоо иретинде айтылат. *Атам, бейиши болгур, тирүү кезинде ушул жайлоону жайлачу экен.*
БЕЙКАМ *сын.* Камы жок, камсыз, жайбаракат. *Эчтеке билбеген кишиче бейкам жатканын кара* (Маликов).
БЕЙКАПАР *сын.* Капары жок, капарсыз.— *Мени сурайбы?— деп Айна ички бугун жашырып, бейкапар кишиче сурады* (Шимеев).
БЕЙКАСАМ *зат.* 1. Бир жиби жибек, бир жиби жөнөкөй жиптен токулган майда-майда жолу бар жылтырак кездеме. *Бейкасам чапан.*
2. Ошол кездемеден жасалган чепкен, чапан. *Желбегей кийген бейкасам, Аркагы базар жибеги* (Токтогул).
БЕЙКУТ *сын.* Жайбаракат, тынч, мемиреген, ыракатта жаткан. *Бейкут жаткан койлор будуң-чаң боло калышты* (Аалы). *[Согуш].. бейкут турмуштун ыркын бузат, булгун түшүрөт* (Касымбеков).
БЕЙКУТТУК *зат.* Ыракатчылык, тынчтык, жайбаракаттык.
БЕЙКҮНӨӨ *сын.* Күнөөсү жок, айыпсыз. *Эл ичинен эсепсиз Бейкүнөө кандар төгүлдү* («Мендирман»).
БЕЙМААЛ *сын.* Убактысы жок, маалы жок, маалсыз. *Бул беймаал убакта биз эч кимди күткөн эмеспиз* («Ала-Тоо»).
БЕЙМАЗА *сын.* Жадатма, тынчы жок; убара. *Айганыш ошол жаныбарлардын беймазасына алагды эле* (Сыдыкбеков). *[Динар] ..чоң энесин беймаза кылат* (Сыдыкбеков).
БЕЙНАМАЗ *сын.* Намазсыз, намаз окубаган. *Мамбеткул сыйынуу, жалынууну билбеген бейнамаз* (Каимов).
БЕЙНЫСАП *сын.* Нысапсыз, нысабы жок, ач көз. *Бечараның тилине Бейнысаптар, көнбейсүң* (Токтогул).
БЕЙОПА *сын.* Опасы жок, опасыз, тууралыгы жок, туура эмес; ишенимсиз.
БЕЙПАЙ *зат.* Убара, азап, азап тарткандык, кыйналгандык. *Бейпайды салып бул ашта, Бет алышар жери бар* («Манас»).
БЕЙПАЙЛА *этиш.* Кыйналуу, азап тартуу, азап чегүү, убара болуу.
БЕЙПИЛ *сын.* 1. Бейкам, капарсыз, тынч, жыргалдуу. *Кече бейпилде элим жатканда, Береке суудай акканда* (Бөкөнбаев).
2. Сылык, адептүү, кичи пейил. *Мээримдүү бейпил кемпир-чал, Сыйлашып чай сунушкан* (Токобаев).
БЕЙПИЛДИК *зат.* 1. Эч нерседен капары жоктук, жыргалчылык, ыракатчылык, тынчтык. *Бактынын көлүн толкутуп, Бейпилдик менен күн өтөт* (Аалы).
2. Адептүүлүк, сылыктык, кичи пейилдик. *Саламаткан бейпилдик кыла баштады* («Советтик Кыргызстан»).
БЕЙТААЛАЙ *сын.* Таалайы жок, таалайсыз. *Мен — энекең бейтаалай Азык издеп кетчү элем* («Эр Төштүк»).

БЕЙТААНЫШ *сын.* Тааныш эмес, чоочун. *Ашка келген бир бейтааныш кишинин атадай камкордук менен сүйлөгөнүнө Каныбек өтө сүйүндү* (Жантөшев).

БЕЙТАП *сын.* Сыркоо, табы жок, оорулуу.— *Бейтап болгон бала жокпу? — деп [Алым].. балдардан сурады.* (Таштемиров).

БЕЙТАРАП *сын.* Калыс. *Бейтарап болбой, эриш-аркакташып, эптеп оокат кылалы* (Элебаев).

БЕЙШЕМБИ *зат.* Жуманын төртүнчү күнү. *Эмки бейшембиде келгиле.*

БЕК I. *зат.* Жакынкы жана Орто Чыгыш өлкөлөрүндө майда феодалдарга же кызмат адамдарына берилүүчү титул, наам. *Бек десең бектин уулумун, Бекзааданын биримин* («Семетей»).

БЕК II *сын.* 1. Катуу, бекем. *Мал, баш эсен жатабы? — деп бек айтканча болбой, машина алдыга өтө берди* (Сыдыкбеков).

2. Жабык, бекитилген. *Эшик бек. Сандыктын оозу бек.*

◆ **Бешик боо бек болсун** — бала жаңы төрөлгөндө ата-энесине баланын аманчылыгын тилек кылып айткан алкыш. **Куш боо бек болсун** *к.* **куш I.**

БЕКЕМ *сын.* 1. Катуу, бек, мыкты, туруктуу, бышык. *Ленинизм акылмандардын колунда Бекем турган коммунизм жолунда* (Үмөталиев). *Тумактарын түшүрүп, бекем байланып алышкан* (Бейшеналиев).

2. Жабык, бекитилген. *Үйүнүн каалгасын тарткыласа, бекем экен.*

БЕКЕМДЕ *этиш.* Бир жерге бек орнытуктатуу, бек (бекем) кылуу; чындоо, бышыктоо. *Дубалды бекемдеп сал. Убаданы бекемдеп, эртеси келмекчи болдук.*

БЕКЕМДЕТ бекемде этишинин аркылуу мамилеси.

БЕКЕМДЕШ бекемде этишинин кош мамилеси.

БЕКЕМДИК *зат.* Туруктуулук, бектик, бышыктык, катуулук. *Айткан сөзү орундуу, Бекемдиги билинет* (Барпы). *Берен калган сарайдын Бекемдиги бир далай* («Эр Төштүк»).

БЕКЕМДӨӨ бекемде этишинин кыймыл атоочу.

БЕКЕН *этиш.* Өзүнөн мурункү сөзгө суроо маанисин берет. *Алар жеринен эле бирге чыккан өздөрүнчө топ бекен?* (Сыдыкбеков).

БЕКЕР *сын.* 1. Бош, иш иштебеген, жумуш кылбаган. *Бекер киши. Бекерден колу бошобос.*

2. *өт.* Акысыз, баасын төлөбөй эле, текке. *Сураганга бекер бер, суусаганга текке бер* (макал). *Бир көрпөнү бекер берип же акысын кечип койсо эмне болот* (Жантөшев).

3. *өт.* Натуурa, туура эмес. *Бекер кейиптирмин. Бекер барган көрүнөбүз. Ышкынаалы бекер кылды, качпаса болот эле* (Байтемиров).

БЕКЕРЛИК *зат.* Жумуш иштебей бош жүрүүчүлүк, бекерчилик. *Деңиз соодо эринбей, Бекерликке берилбей* (Токтогул).

БЕКЕРЧИ *зат.* Бош, эч жерде иштебей бекер жүргөн киши. *Бекерчиден безе кач, Ушакчыдан көчө кач* (Токтогул).

БЕКЕРЧИЛИК *зат.* Бекер жүргөндүк, бекерлик. *Бекерчиликке көнбө. Бекерчиликтен тажабайбы.*

БЕКЕТ *зат. эс.* Почта станциясы, илгери темир жол жана машина жокто жүргүнчүлөр токтоочу, аттарды алмаштыруучу (эс алдыруучу) жай. *Бекеттер ортосунда эки же үч ат чеккен.. почтолор жүрүп турчу* (Сасыкбаев).

БЕКЕТЧИ *зат.* Бекетти кароочу, бекетте кызмат кылуучу. *Мындан бир нече жыл илгери бул жерде жети түтүн балыкчы, бир түтүн бекетчиден башка эчтеме жок эле* (Убукеев).

БЕКЗААДА *зат. эс.* Ак сөөк бектин тукуму. *Бекзаадалар самсышат Балаңа куда болууга* («Мендирман»).

БЕКИ *этиш.* 1. Чыңдануу, бекемденүү, бек болуу. *Бекиген чепке жол салар* («Манас»).

2. Токтолуу, тыянакка келүү, бүтүм чыгаруу. *Албетте, [трубаларды] издеш керек,— деп Кадыркулов чечкиндүү оюн билдирип, сөз ушуга бекиди* (Таштемиров).

3. Таандык болуу, дайындалуу, ыйгарылуу. *Бул бизге бекиген араба. Кызматка бекиди.*

4. Күчүнө киргизилүү, кабыл алынуу. *Чечимди бекитти. Наамды бекитти.*

БЕКИН *этиш.* Коргонуу, жашынуу. *Капка ташка бекинип, Кырк жигит жатып калды эми* («Эр Табылды»).

БЕКИНТ бекин этишинин аркылуу мамилеси.

БЕКИНҮҮ бекин этишинин кыймыл атоочу.

БЕКИТ беки этишинин аркылуу мамилеси.

БЕКТИК *зат.* Бекемдик, кайраттуулук. *Бек байлагын белиңди, Жакып, Бектикке салгын көөнүңдү, Жакып.*

БЕКҮҮ бек этишинин кыймыл атоочу.

БЕКЧЕЙ *этиш.* Бели эңкейбей, кайкалагансып калуу. *Бекчейип барып бел кеткен* («Манас»).

БЕЛ I *зат.* 1. Арка менен куймулча стын аралыгындагы дене бөлүгү. *Карыялар ын.. таягы жоктору эки колун белине к юп.. баратышты* (Абдукаримов).

2. Кийимдин белге туура келген бөлүгү. *Кыпча бел көйнөк.*

3. Орто чен, орто бөлүк. *Түндө казандын белинен каймак сызгырган элем* (Таштемиров).

4. *өт.* Тоо кыркасынын, ашуунун, кайыраак жери, анча бийик эмес жону. *Көч белди ашып, коктуга кирди. Ашуунун бели.*

5. *өт.* Таяныч, жөлөк, дем, ишенич. *Кеңеш өкмөт чебибиз, Байлаган бекем белибиз* («Жазгыч акындар»). *Мен картайып келгенде, Эми сен медер кылган белемсиң* («Манас»).

◆ **Бешиктен бели чыга элек** — бойго жете элек, эр-азамат боло элек. *Бешиктен бели чыкпай жатып карылыкка эңкейип*

берчу мен эмес (Сыдыкбеков). **Бел байлоо** —1) бир нерсени бүтүрүп салууга кайраттануу, чынданып киришүү; 2) таянуу, ишенүү. **Бел куда болуу** *к.* **куда.**

БЕЛГИ *зат.* 1. Белгилүү кылыш үчүн, кийин бөлүп алыш, эске түшүрүш үчүн коюлган, ылайыкталган нерсе. *Унутуп калбас үчүн ушул жерге белги коюп кетели. Геологдор болсо баланча жерде көмүр бар деп гана белги урушат* (Сасыкбаев).

2. Ишаарат, кабар, түшүнүк. *Ал белги берип мени чакырды.*

3. Ким, эмне экендигин, кандайлыгын көрсөтүүчү негизги касиеттер, сырткы көрүнүштөр. *Жаны барда жалынган жаман эрдин белгиси* (макал). *Оорунун белгилери.*

БЕЛГИЛЕ *этиш.* 1. Белги уруу, тамга салуу; дааналоо, белги аркылуу дайындоо. *Метрге өлчөп өстөндүк улам аркы учун белгилешип,үчөө казык кагып жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

2. Көрсөтүү, айгинелөө, ачык билдирүү. *Төшүнүздө кош орден Баатырдын түрүн белгилейт* (Нуркамал).

БЕЛГИЛЕТ белгиле этишинин аркылуу мамилеси.

БЕЛГИЛЕШ белгиле этишинин кош мамилеси.

БЕЛГИЛӨӨ белгиле этишинин кыймыл атоочу.

БЕЛГИЛҮҮ *сын.* Маалим, дайын, атыккан. *Баланын' укканына караганда, эл жүргөн белгилүү жол эң эле алыс* (Аалы). *Азыр анын башында белгилүү бир ой жок, бардыгы уйгу-туйгу* (Абдумомунов). *Белгилүү батыр турбайбы* («Эр Табылды»).

БЕЛГИСИЗ *сын.* Белгиси жок; дайынсыз, кабарсыз, дарексиз. *Үй ким колдуу болуп өрттөнгөндүгү белгисиз* (Жантөшев). *Токтогулдун көзү кайдадыр, белгисиз жакка баамсыз карады* (Аалы).

БЕЛГИСИЗДИК *зат.* Белгиси жоктук; кабарсыздык, дайыны жоктук, дайынсыздык, дарексиздик. *Алда кандай белгисиздикке көңүлүм толкунданат.*

БЕЛДЕМЧИ *зат.* Аялдардын белге тартынуучу юбка сыяктуу кийими. *Абышкалар карсылдап, Белдемчисин кемпирлер Белге тартып арчындап* (Тоголок Молдо).

БЕЛДИК *зат.* 1. Белге байланган, белге таңылган кур.

2. Куруттан тышкары убакта ургаачы койлор менен бирге жайылган, бирге жүргөн кочкордун белине тартылган калканч.

БЕЛДҮҮ *сын.* 1. Бели бар. *Кымча белдүү ак сары келин* (Бөкөнбаев).

2. Белдери (ашуусу) бар. *Аскар белдүү, алтын кендүү кыргыз жери.*

3. Кубаттуу, күчтүү, күжүрмөн, беделдүү. *Белдүү жигит болорсуң Бешигиңе сыйбасаң* (Осмонов).

БЕЛЕК *зат.* 1. Сыйлык, тартуу. *Белек кылып берем деп, Белгилеген үн кана* (Аалы). *Бейшеке дайыма шаардан белек ала келүүчү* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Тукум, медер. *Жалгызыңдан бир туяк, Белек калган өңдөндү* («Семетей»).

БЕЛЕН *сын.* Даяр, даярдап коюлган, камдалган. *Окуп билим алгыла, Өлкөбүздө каалаганың бүт белен* (Шамшиев).

БЕЛЕНДЕ *этиш.* Даярдоо, даяр кылуу. *Өндүрүштө азык-түлүк белендеп, Ай, жыл санап өөрчүп барат дүркүрөп* (Элебаев).

БЕЛЕНДЕН беленде этишинин өздүк мамилеси.

БЕЛЕНДЕТ беленде этишинин аркылуу мамилеси.

БЕЛЕНДЕШ беленде этишинин кош мамилеси.

БЕЛЕНДИК *зат.* Даярдык, даяр болгондук.

БЕЛЕНДӨӨ беленде этишинин кыймыл атоочу.

БЕЛЕНЧИЛИК *зат.* Даярдык, даярчылык. *Эртеңим кененчилик, беленчилик* (Үмөталиев).

БЕЛИЛА *зат.* Живопись жана сырдоо ишинде колдонулуучу минералдуу ак боёк.

БЕЛИМЧИ *зат.* Бирөөнүн кыймыл-аракетин, сөзүн туураган адам (көбүнчө картан аял). *Белимчи кемпир.*

БЕЛЛЕТРИСТ *зат.* Беллетристикалык чыгарма жазуучу, ошондой чыгарманын автору.

БЕЛЛЕТРИСТИКА *зат.* Проза менен жазылган көркөм адабият.

БЕЛОК *зат.* Жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн клеткаларынын составындагы органикалык бирикме, зат, тирүү организмдин туруктуу жана эң маанилүү составдык бөлүгү, анын структурасы менен функциясынын негизи.

БЕЛСЕМДҮҮ *сын.* Белсенген, кайраты бар, чечкиндүү, кайраттуу.

БЕЛСЕН *этиш.* Бел байлоо, чечкиндүүлүк, кайраттуулук менен киришүү, кайраттануу. *Белсенип эмгектенүү. Белсенип ишке киришүү.*

БЕЛСЕНТ белсен этишинин аркылуу мамилеси.

БЕЛСЕНҮҮ белсен этишинин кыймыл атоочу.

БЕЛЧЕ *зат.* Белге жакын, бел орто чен. *Белчесинен баткакка баттым. Баткак белчеден.*

БЕЛЧИР *зат.* 1. Малдын соорусу. *Ат кулактан жулуп белчирге төшөп, көрпөчөмдүн бир учун анын үстүнө салып берип, Сатыкулду учкаштырып алгам* (Касымбеков).

2. Жылкынын соору (белчир) терисинен ийленген кайыштан, булгаарыдан тигилген өтүк.

БЕНЗИН *зат.* Нефтиден иштелип алынган күйүүчү түссүз суюктук.

БЕР *этиш.* 1. Бирөөгө тапшыруу, колдон өткөрүү, бирөөнүн колуна тийгизүү. *Абылбек колундагы книжкасын учётчик келинге берди* (Жантөшев).

2. *өт.* Чабуу, уруу. *Тагай.. Алымкулду өрмө камчы менен жонго берип калды* (Абдукаримов).

3. Көмөкчү этиштин милдетин аткарат. *Кайта-кайта бара берди. Күндөн-күнгө өркүндөй берди. Окуй бер. Билгенин айта берет.*

БЕРГИЧ *сын.* Берешен, колу ачык, март.

БЕРДИР бер этишинин аркылуу мамилеси.

БЕРЕКЕ *зат.* Молчулук, көпчүлүк, арбындык. *Жемишти жер бетине сепкен эмгек, Гүлдөтүп берекесин төккөн эмгек* (Бөкөнбаев).

◆ **Береке табуу** — бактылуу болуу, бай болуу, турмушу жакшы болуу. *Канчалык чыдамкай болсоң, ошончолук береке табасың* (Жантөшев).

БЕРЕКЕЛҮҮ *сын.* Берекеси бар, үнөмдүү; ар нерсеге мол. *Ак төөнүн карды жарылган берекелүү күз. Тапкан оокаты берекелүү.*

БЕРЕКЕСИЗ *сын.* Берекеси жок, үнөмсүз, тар. *Берекесиз байлардан Пейил менен күн кетет* (Токтогул).

БЕРЕКЕТ береке менен бирдей.

БЕРЕКИ *ат.* Бу, мынабу, берки жактагы. *Артыкча жубун бузбагандар береки төрт кыз болду* (Сыдыкбеков).

БЕРЕН *зат.* 1. Баатыр, каарман, кайраттуу, күчтүү. *Бул жеңиште таанылышат берендер, Жеңиштерге жетпей калсын ченемдер* (Аалы): *Берен Манас кылычты Белине бекем чалыптыр* («Манас»).

2. Акылман, даанышман. *Баатыр Ленин берендик Баштап кеткен жолунда* (Калык).

◆ **Берен калсын** — куруп калсын, оңбосун деген маанide. *Берен калсын Бээжиниң, Бакалчысы бу болсо, Башка адамы не болот* («Манас»).

БЕРЕНДИК *зат.* 1. Баатырдык, эрдик. *Берендик жайы бар.*

2. Акылмандык, даанышмандык. *Азаматтын акылманы Берендигин ырдайын* (Бөкөнбаев).

БЕРЕНЕ *зат.* Кыл тагылган музыкалык аспаптардын (домбура, гитара ж. б.) мойнундагы туура-туурасынан бөлүнгөн бөлүкчөлөр. *Домбуранын беренеси.*

БЕРЕНЕЛҮҮ *сын.* Беренеси бар, берене салынган. *Тогуз беренелүү домбура.*

БЕРЕРМАН *сын.* Март, берешен.

БЕРЕСЕ *зат.* Кайтарып берүү үчүн алынган карыз, насыя. *Анын мага бересеси бар.*

БЕРЕСЕЛҮҮ *сын.* Бересеси бар, карыздар.

БЕРЕСЕЧИ *зат.* Карызын, бересесин телеөчү, берсе болгон киши.

БЕРЕШЕН *зат.* Март; жоомарт, колу ачык. *Пейли кең, берешен кол адамдары* (Осмонов). *Экинчи жоомарт берешен, Жоомартта жорук бир нечен* (Тоголок Молдо).

БЕРЕШЕНДИК *зат.* Марттык, жоомарттык, колу ачыктык. *Берешендик кылуу. Анын берешендиги жанда жок.*

БЕРИ I *такт.* Берки тарапта, жакын, нары эмес, сон. *Кечетен бери күн көнөктөп жаап, бүгүн түш оой гана басылды* (Баялинов). *Уч жылдан бери.*

БЕРИЛ 1. бер этишинин түюк мамилеси.

2. Бир нерсеге ынтаасын, көңүлүн коюу, алынуу, биротоло өтүп кетүү. *Ишке берилди. Берилип окуу.*

БЕРИЛГЕНДИК *зат.* Бир нерсеге көңүл коюндук, берилүүчүлүк.

БЕРИЛЕ *этиш.* Жакындоо, жакын келүү, бери болуу. *Берилеп келүү. Улам берилеп, жакын келүү.*

БЕРИЛҮҮ берил этишинин кыймыл атоочу.

БЕРКИ *ат.* 1. Бул, бери жактагы, бул тараптагы. *Берки жайык талаа. Берки айыл.*

2. Соңку, кийинки. *Арчалардын көп жылдан берки куу шактары жалын чыгарып, чатырай баштады* (Абдукаримов).

БЕРМЕТ *зат.* Кымбат баалуу асыл таш, саймада колдонула турган майда суу мончок, шуру. *Шуру, бермет аралаш Тагындым мончок чачыма* («Эр Табылды»).

БЕРМЕТТЕ *этиш.* Бермет түшүрүү, бермет бастыруу.

БЕРМЕТТЕЛ берметте этишинин түюк мамилеси.

БЕРМЕТТЕТ берметте этишинин аркылуу мамилеси.

БЕРМЕТТӨӨ берметте этишинин кыймыл атоочу.

БЕРТИК *зат. эс.* Белин бертинтип алган кишиге берип айыктыруурга болот деген эски ырым-жырым боюнча жети үйдөн сурап жыйылган даам.

БЕРТИН *этиш.* Белин кокустатып алуу, бели катуу ооруп, кыймылдатпай калуу. *Сынгандан бертинген жаман* (макал). *Бели бертинип калыптыр.*

БЕРТИНТ бертин этишинин аркылуу мамилеси.

БЕРТИНҮҮ бертин этишинин кош мамилеси.

БЕРҮҮ бер этишинин кыймыл атоочу.

БЕРЧ *зат.* Эт менен теринин ортосундагы пайда болгон катуу шишик.

БЕРЧЕМДҮҮ *сын.* Көздөгөн, опурталдуу, ондурбай турган. *Берчемдүү жерге саюу. Берчемдүү жерине далдап муштоо.*

БЕРЧТЕН *этиш.* Берч болуп катуу тартуу; берч боло баштоо.

БЕРЧТҮҮ *сын.* Берчи бар; берч болгон.

БЕСЕДКА *зат.* Бактын, короонун ичиндеги эс алуу үчүн арналган кичинекей калканч, чатырча. *Алар жүзүмдүн бесдкасынын түбүнө олтурушту* (Шимеев).

БЕСИР *зат. эс. сүйл.* Катчы. *Бесир : азат, силер болушсуңар, мөөр эле басасы эр* (Аалы). *Калемдери жорголоп, Мырза, ; лдо, бесирдин* («Кыргыз эл акындар »).

• БЕТ *зат.* 1. Адамдын жүз, өң жагы, ...здөн төмөнкү, эки жаактын ортосундагы бөлүгү. *Айгүлдүн беттери ысып, кулактары чуулдай баштады* (Жантөшев).

2. Нерсенин үстүнкү, сырт жакты тарабы. *Таңга маал көлдүн бети күмүштөй ак кардуу бийик тоолорго жарашып жатты* (Сасыкбаев). *Жер бети.*

3. Капталдарап. *Кырдын эки жак бети толтура мал. Көчөнүн бир бетинен экинчи бетине өтүү.*

4. Баракты эки жак тарабы. *Жүз беттен турган китеп. Кагаздын эки бетине тең жазуу.*

5. Бир багытты көздөөнү билдирүү үчүн колдонулат. *Жоого каршы бет алып, Барган жигит жакшы экен* (Барпы).

6. *өт.* Уят, абийир. *Бети жок киши. Жеген чөптү танасың, Бетиң кана куба кой* (Тоголок Молдо).

◆ **Бетин ачуу** — 1) айыбын ачуу, ашкерелөө, дайын кылуу. *Көптөн берки былыктын бетин ачып, элге дайындайм* («Чалкан»); 2) уялчаак, тартынчаак кишини батынып, уялбай турган кылып коюу. **Бетме-бет** — бет алыша, көзмө-көз. **Бет алды** — чаржайыт, туш келди. **Беттен алуу** — оройлук кылып урушуу, тилдөө, көңүлүн калтыруу. **Бетке айтуу** — өз көзүнө айтуу, өзүнө айтуу. **Бет маңдай** — алды жак, карама-каршы же бет алды жак.

БЕТЕГЕ *зат.* Көбүнчө койго, жылкыга абдан сонун тоют болуучу майда жалбырактуу жапайы чөп, тулаң. *Кундуздай бетегеси белден чыккан, Көшүлүп, чырмалышып бир жакка ыкчам* (Бөкөнбаев).

БЕТЕГЕЛҮҮ *сын.* Бетегеси көп. *Бетегелүү өрүшкө Өргүтө малды салышкан* (Барпы). *Бетегелүү жер жакшы, пейли жакшы эл жакшы.*

БЕТКЕЙ; бир беткей — бир жактуу; бир тарапка карай. *Бир беткей ыгырылган ак буудай шуудур кагып жапырылат* (Сыдыкбеков). *Бир беткей иш.*

БЕТОН *зат.* Цемент менен шагыл таштарды суу кошуп катыруу аркылуу жасалган курулуш материалы.

БЕТОНДО *этиш.* Бетон куюу, курулушту бетон куюу, бетон менен бекитүү аркылуу салуу. *Бетондон салган дубалдар. Бетондогон сарай.*

БЕТОНДОЛ бетондо этишинин аркылуу мамилеси.

БЕТОНДОТ бетондо этишинин аркылуу мамилеси.

БЕТПАК *зат.* Уятсыз, уяты жок. *Бетпак жоо бизге кыянатын артты.*

БЕТТЕ *этиш.* 1. Бир жакты көздөй бет алуу, багыт алуу, багыттоо. *Беттеген жагын качырып, Белди ашыра жапырып* («Эр Табылды»). *Кетмен-Төбө жеримди Беттеп кетип барамын* (Токтогул).

2. Бир нерсенин бетин бетине келтирүү, кабаттоо. *Эки кийизди бири-бирине беттеп, калыңдоо.*

БЕТТЕЛ бетте этишинин туюк мамилеси.

БЕТТЕШ *этиш.* Бет маңдай, бетме-бет учураша калуу, кездешүү, көзмө-көз сүйлөшүү. *Биз Жыргалаңдын боюна келгенде душман менен беттештик* (Каралаев).

БЕТТЕШТИР беттеш этишинин аркылуу мамилеси.

БЕТТЕШҮҮ беттеш этишинин кыймыл атоочу.

БЕТТҮҮ *сын.* 1. Бети чоң. *Жайык беттүү.*

2. *өт.* Уят-сыйыттуу, ыймандуу.

3. Көп беттен турган (китеп, дептер ж. б. карата).

◆ **Эки беттүү** к. эки.

БЕЧАРА *зат.* Байкуш, шордуу; кедей-кембагал. *Бечара карып кедейге Ушул заман туулду* (Токтогул). *Жабалактап келе жаткан майда көчтөр.. бечара саанчылардыкы* (Жантөшев).

◆ **Бей-бечара** — жарды-жалчы, байкуш.

БЕЧЕЛ *зат.* 1. Өз убагында баспай калган бала. *Бечелге жөтөлдүн кереги эмне* (макал).

2. *өт.* Начар, жетишсиз, кемчил. *Акылга бечел.*

БЕШ *сан.* 5 саны, өлчөмү.

◆ **Беш атар** — беш ок салынып атылуучу сайы бар мылтык. **Беши кетүү** — чамасы кетүү, айласы түгөнүү, амалсыз калуу. *Минте берсең Семетей, Беши кеткен бул элди Бейпайга дагы саласың* («Семетей»). **БЕШЕНЕ пешене** менен бирдей.

БЕШИК *зат.* 1. Буту баса элек жаш балдарды бөлөө үчүн терметүүгө ылайыктап, жыгачтан эки башы ийилип жасалган буюм.

2. *өт.* Туулуп-өскөн, чоңойгон жер, мекен. *Ала-Тоо — биз термелген бешигибиз, Дүйнөгө ачып киргөн эшигибиз* (Шүкүрбеков). *Эркелетип эчендерди өстүргөн, Бул туулган жер менин алтын бешигим* (Аалы).

БЕШИЛИК *зат.* Беш салалуу, беш ачалуу (айры ж. б.). *Колуна кармаганы бешилик айры* (Сыдыкбеков). [*Керез*].. *бешилик менен чөптү кабаттай сайып, тез-тез ыргытат* (Бейшеналиев).

БЕШИМ *зат.* 1. Түш оогондон кийинки мезгил. *Күн салкын, сыдырым жел бешим убак* (Турусбеков). *Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал* (макал).

2. *дин.* Ушул мезгилде окула турган намаз. *Бешимди Арузрумдун шаарынан окудум* (Аалы).

БЕШИНЧИ *сан.* Бештин иреттик саны.

БЕШМАНТ *зат.* Тизеге чейин жеткен, ичине пахта же жүн салынбаган жеңил чапан; күрмө. *Бешманттарын ийиндерине салып, өздөрү боргулданып келатышат* (Сыдыкбеков).

БИБЛИОГРАФ *зат.* Библиография боюнча адис.

БИБЛИОГРАФИЯ *зат.* 1. Басылып чыккан материалдарды (китеп ж. б.) тийиштүү тармактар боюнча бөлүштүрүп жана илимий, системалуу мүнөздө баяндоо.

2. Ушундай баяндоолорду берүүнүн ыгы жана методу жөнүндөгү илим тармагы.

3. Айрым бир маселелер, предметтер боюнча чыккан китептер, макалалар тизмеси, алардын топтоштурулушу.

БИДОН *зат.* Суюк нерселерди куюуга арналган цилиндр формасындагы капкактуу калай идиш.

БИЕР *ат.* Бул жер. *Биерге келгени. Биер мага жагат.*

БИЕРДЕ *такт.* Бул жерде, ушул жерде, ушул жайда. *Каткырып ырдап тартынбай, Калкымда жүрдүм биерде* (Токтогул). *Бутакка конуп сайраган Булбул элем биерде* (Токтогул).

БИЗ *ат.* Жактама ат атоочтун көптүк түрүнүн биринчи жагы. *Ырдаган да биз, жыргаган да биз* (Сыдыкбеков). *Кайгыдан бизди куткарып, Кайран Ленин колдоду* (Бөкөнбаев).

БИЙ I *зат. эс.* 1. Революцияга чейинки казактардын жана кыргыздардын соту. *Өрдөк жокто чулдук бий* (макал). *Мен болгон ишти бийге айттым* (Баялинов).

2. *өт.* Уюшма тамакты, жорону, шеринени башкарып туруучу адам.

БИЙ II *зат.* Музыканын тактысына ылайыктуу жүргүзүлүүчү ритмикалык жана пластикалык кыймыл. *Бир жигит келди да, [Тынымды] бийге чакырды* (Байтемиров). *Ак жүздүү пахтачы келиндин бийинин шайыр темпи* (Аалы).

БИЙИК *сын.* 1. Бою узун, чоң, зор. *Бийик аска. Бийик үй.*

2. Көтөрүңкү, катуу (үн жөнүндө). *Чаңкылдап бийик чыккан үн калайыкжурттун кулагына коңгуроодой шаңк этти* (Бейшеналиев). *Кошулат, үндөр чыгат дагы бийик* (Нуркамал).

3. Жогору, өйдө (даңк, кадыр, барк ж. б. жөнүндө). *Сан жеткис билгениң көп, баркың бийик, Кубанам Волга деген даңкың менен* (Аалы). *Атагы бийик. Даңкы бийик.*

БИЙИКТЕ *этиш.* 1. Бийикке чыгуу, бийик болуу.

2. Көтөрүлүү, жогорулоо.

БИЙИКТЕТ бийикте этишинин аркылуу мамилеси.

БИЙИКТИК *зат.* 1. Бийик жер, бийик жай. *Бийиктикке чыгып кароо. Бийиктикке чыгып отуруу.*

2. Бийик абал. *Тамдын бийиктиги. Тоонун бийиктиги.*

БИЙИКТӨӨ бийикте этишинин кыймыл атоочу.

БИЙКЕЧ *зат.* Бойго жеткен кыз. *Айланайын, бийкечим, Ушул көргөн бир түшүң Өңүң болсун деп айтат* («Эр Табылды»). *Таттуу болсо сырдана, Жеңенин көркү бийкечте* («Мендирман»).

БИЙЛЕ I *этиш.* Бийлик кылуу, башкаруу, үстөмдүк кылуу. *Элин баккан эл бийлейт, Эл сүйөөндү ким сүйбөйт* (Токтогул).

БИЙЛЕ II *этиш.* Бийди аткаруу, бийге катышуу.

БИЙЛЕТ бийле этиштеринин аркылуу мамилеси.

БИЙЛИК *зат.* 1. Мамлекетти башкаруу укугу, саясий үстөмдүк. *Совет бийлиги. Кош бийлик. Бийликти алуу.*

2. *өт.* Күч, кудурет, кубат, үстөмдүк. *Бийлиги зор сүйбөөндүн кубатын Кулдук кылып-сүйгөн гана биле алар* (Осмонкул).

3. *өт. тар.* Бий болгон адамдын мансабы үчүн алына турган салык. *Бийлиги деп Шабандын, Түтүнгө тегиз бир койдон* (Тоголок Молдо). *Серкеси чын, кой жалган Шооруктун алар бийлиги, Зордук кылсаң алып кет Устүмдөгү кайымым* (Тоголок Молдо).

4. Башкаруу, үстөмдүк, кожоюндук кылуу, моюн сундуруу укугу. *Карыган сайын үйдүн бийлиги менин колуман кете баштады* («Ала Тоо»). *Уулума бийлигим жеткидей эмес* («Чалкан»).

БИЙЛӨӨ бийле этишинин кыймыл атоочу.

БИЙЧИ *зат.* Бийди мыкты бийлеген адам.

БИЛ *этиш.* 1. Кабардар болуу, сезүү, түшүнүү, аңдоо, баамдоо; колунан келүү, аткара алуу. *Өзүң билбесең, билгенден үк* (макал). *Окуй билет. Колу кат билет.*

2. Буюруу, башкаруу, буйрук кылуу. *Айылды өзүң билгенсип, Ары жок кандай баласың* («Эр Табылды»). *Эмне болсо мейличи, Өзүң билгин, жеңеке* («Мендирман»).

БИЛГИ: жөн билги — бир нерсени жакшы түшүнгөн, түшүнүгү бар, тез биле койгон. *Айсалкын баарыдан мурда жөн билги неме* (Каимов).

БИЛГИЗ билдир менен бирдей.

БИЛДИР *этиш.* Кабардоо, жарыялоо, кулактандыруу, билгизүү, түшүндүрүү. *Ызакул.. ыраазылыгын билдирип жүрүп кетти* (Бейшеналиев).

БИЛДИРТ билдир этишинин аркылуу мамилеси.

БИЛДИРҮҮ I билдир этишинин кыймыл атоочу.

БИЛДИРҮҮ II *зат.* Жарыя, жарыяланган кабар, баян. *Билдирүү кагазы.*

БИЛЕК *зат.* 1. Чыканак менен колдун башына чейинки мүчө, адамдын кар жилиги; айбандардын алдынкы бутунун баш жаккы бөлүгү, туяктан жогорку жагы. *Билектен алуу. Калбыр өпкө, жез билек.*

2. *өт.* Күч, эмгек. *Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку* (макал).

◆ **Билеги жоон** — балбан, күчтүү, алдуу. *Билими толук миңди жыгат, билеги жоон бирди жыгат* (макал).

БИЛЕРИК *зат.* Аялдар билегине сала турган күмүштөн, алтындан же башка металлдан жасалган кооздук буюму. *Кош билерик, кош шакек Оң колуңа сала кет* (Тоголок Молдо). *Колундагы кош билерик.. сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүштө миң кубултат* (Жантөшев).

БИЛЕРМАН *зат.* Билгич, даанышман, акылман. *Айтчы, билгич, Айт, философ билерман, Мурун турмуш Ушуга окшош кең беле!* (Турусбеков). *Олтурган элең жыйылып Билермандын нечени* («Мана»).

БИЛЕТ *зат.* 1. Белгилүү бир уюмга мүчөсү экендигин аныктоочу документ. *Партиялык билет. Профсоюз билети.*

2. Бир жерге кирүүгө же бир нерсени пайдалануруга укуктуу экендигин далилдөөчү документ. *Чакыруу билети. Театрга кирүү билети.*

БИЛИК *зат.* Шамдын, лампанын күйүүчү майга (керосинге) малынган жана кичинекей жалын чыгарып, үйгө жарык бере турган лентасы, эшилген кебези. *[Камка] лампанын билигин көтөрө түшүп койду да, жоокерге утурулап басты* (Сыдыкбеков). *Шамдын билигин оңдоп коюп, Айнысахун катка үңүлдү* (Жантөшев).

БИЛИМ *зат.* 1. Ой жүргүзүүнүн жана коом менен жаратылыштын өнүгүшүнүн закондорун үйрөнүүнүн системасы. *Айланайын өсөт чалгын канатың, Сен инженер билим кенин казасың* (Турусбеков). *Акыл — тозбогон тон, билим — түгөнбөгөн кен* (макал). *Илим — окуу булагы, билим — өмүр чырагы* (макал).

2. Тийиштүү окуу жайы аркылуу бериле турган илимий маалымат. *Жогорку билими бар адис.*

БИЛИМДҮҮ *сын.* 1. Билими бар, катсабаттуу, маалыматтуу. *Билбегенди билдиреген, Билимдүүнүн баары бар* («Манас»). *Уул, кыз окуп билимдүү, Өз өлкөсүн башкарган* (Осмонкул).

2. Аркы-беркини түшүнгөн, адамгерчилиги бар, турмушту билген; зээндүү. *Агатуугандын ичинен аркы-беркини түшүнгөн билимдүү кишиси эле Ормонбек* («Ала-Тоо»).

БИЛИМДҮҮЛҮК *зат.* Билими бардык, окумуштуулук, илимдүүлүк, маалыматтуулук.

БИЛИМДҮҮСҮН *этиш.* Билими бар, билимдүү киши болуп көрүнүү. *Билимдүүсүнүп, башкаларга бой бербейт, башкаргысы келет* («Чалкан»).

БИЛИМПОЗ *зат.* Билимдүү, илимдүү, окумуштуу. *Жумушчум илимпоз болсун, Колхозчум билимпоз болсун* (Осмонов). *Күмүштөй чачы агарган, Билимпоз ачты барагын* («Таалай жомогу»).

БИЛИМСИЗ *зат.* Билими жок, окубаган, наадан, түркөй. *Билимсиздер канча кайрат кылса да, Көрсөтпөсө көп сырларды билалбайт* (Аалы).

БИЛИМСИЗДИК *зат.* Наадандык, түркөйлүк, окубагандык.

БИЛИН *этиш.* Ачылуу, айкын болуу, таанылуу, белгилүү болуу, көрүнүү. *Кыңыр иш кырк жылдан да кийин билинет* (макал).

БИЛИНҮҮ билин этишинин кыймыл атоочу.

БИЛИШ *сын.* Белгилүү, жакын, таанымал. *Бирге билиш болгончо, миңге тааныш бол* (макал). *Экөө бирдей «келиңиз» деп жайдары, Билиш өңдүү жылуу-жумшак жылмайды* (Аалы).

◆ **Коркок билиш** *к.* **коркок.**

БИЛҮҮ бил этишинин кыймыл атоочу.

БИЛЬЯРД *зат.* Борттуу, төрт бурчунда тешиги бар столчо; өзгөчө эрежеге ылайыктуу шарлар менен ойнолуучу оюн. *Пил сөөгүнөн жасалган Бильярддын шарындай, Жумурткалар жаралат* (Аалы).

БИНТ *зат.* Жарааттты таңуу, байлоо үчүн колдонула турган тилке тасма марли же чүпүрөк. *Сырга йод сүйкөлгөн жараатка.. бинт ороду* (Сыдыкбеков). *Сестра Жапардын бутундагы бинтин чечти* (Баялинов).

БИНТТЕ *тиш.* Бинт менен таңуу, байлоо.

БИОГРАФ *зат.* Бирөөнүн өмүр баянын жазуучу.

БИОГРАФИЯ *зат.* Өмүр баян.

БИОЛОГ *зат.* Биология боюнча адис, окумуштуу.

БИОЛОГИЯ *зат.* Жандуу жаратылыш, тиричилик жана анын закондуулугу, өнүгүш өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү илим.

БИОСТАНЦИЯ *зат.* Өсүмдүктөр менен жаныбарларды изилдей турган биологиялык станция.

БИОХИМИК *зат.* Биохимия боюнча адис.

БИОХИМИЯ *зат.* Тирүү организмдеги химиялык процесстерди үйрөнүү боюнча илим.

БИР *сан.* 1. 1 саны, эсеби. *Бир айлык мөөнөт. Бир сом акча. Бир кап эгин.*

2. Кимдир, кандайдыр. *Кечээ сизди бир киши издеп келди* («Ала-Тоо»). *—Сизге бир жумуш менен кайрылсам болор бекен? — дедим кабинетине бет алып бараткан начальникке* («Ала-Тоо»).

3. «Кээ бир», «кайсы бир», «кандайдыр бир» ж. б. сыяктуу күдүк атоочтордун татаал түрүн уюштурат. *Кээ бир адамдар. Кайсы бир кишилер. Кандайдыр бир окуя.*

4. «Бир маалда», «бир кезде», «бир жолу», «бир күнү» ж. б. сыяктуу мезгил тактоочтордун татаал түрүн уюштурат. *Бир жолу ушул айылдын жанынан өткөн элем* («Жаш ленинчи»). *Бир кездерде бул жигит артист да болуп көргөн* («Чалкан»). *Бир күнү ошол жакка бармай болуп, жолго чыктык* («Чалкан»).

5. «Атым», «үзүм», «тиштем», «ууртам», «сындырым» ж. б. сыяктуу сөздөр менен бирге айтылып, түрлүүчө чоңдуктагы, көлөмдөгү ченди билгизет. *Бир атым асмай. Бир тиштем эт. Бир ууртам май. Бир үзүм нан.*

6. «Кыйла», «топ», «далай», «канча», «нече», «катар» деген сөздөр менен биригип, көптүктү, арбындыкты билдирет. *Бир кыйла жер. Бир топ мал. Бир далай күн. Бир канча жыл.*

◆ **Бирден-бир** — башкалардан өзгөчөленгөн, айырмаланган, артыкча. **Бирди эки кылуу** — 1) апыртуу, ашырып жиберүү; 2) көбөйтүү. **Эки күндүн биринде** — кайта-кайта, бат-бат, удаа-удаа. *Эки күндүн биринде эле төркүнүнө чабат* («Чалкан»).

БИРГАЗАН *зат.* Ири суу кушу. *Балык жей турган биргазан.. мени илип кетсе болобу* (Аалы).

БИРГЕ *такт.* Кошо, чогуу. *Бирге баруу. Бирге жүрүү. Ал партия менен бирге, Эл менен аралаш күнүгө* (Шүкүрбеков).

БИРГЕЛЕШ *этиш.* Бирге, бирдикте болуу, биригүү. *Биргелешип иштешип, Заман эзси биз дешип* (Үмөталиев).

БИРГЕЛЕШҮҮ биргелеш этишинин кыймыл атоочу.

БИРГЕЛИК *зат.* Кошо жүргөндүк, бирге болгондук, чогуулук.

БИРДЕ *такт.* Кээде, кез-кезде, кээ бир учурда. *Бирде бар да, бирде жок* (Токтогул). *Бетиндеги ак жазуу бирде окулса, бирде окулбай, «лап-лап!» делбиртөөдө* (Сыдыкбеков). *Бирде күлкү, бирде эмгек, Турмуштун жолу — миң кезек* (Элебаев).

БИРДЕЙ *сын.* Теңдеш, окшош. *Комсомолдун толук жашы он сегиз, Кылка өскөн баары бирдей тептегиз* (Барпы). *Жайы-кышы бирдей салкын абада чымыр өскөн* (Сыдыкбеков).

БИРДЕЙЛИК *зат.* Теңдик, теңдештик, окшоштук. *Бул система шайлоолордун жалпыга бирдейлигин жана теңдигин белгилейт* («Мугалимдерге жардам»).

БИРДЕМЕ *ат.* Кандайдыр бир нерсе. *Тоту жеңем үйүнүн жанында бирдеме*

кылып жүргөндөй болду (Жантөшев). *Ойлойт, басат, бирдеме айтып күңүрөйт* (Осмонов).

БИРДЕШ *этиш.* Биригүү, биргелешүү, уюмдашуу, бириктешүү. *Кылымдап баскан зордукту Бирдешип тепсеп таштадың* (Аалы). *Дагы иштесин, Мейли алар Бүт колхозго бирдешсин* (Үметалиев).

БИРДЕШТИР **бирдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

БИРДЕШҮҮ **бирдеш** этишинин кыймыл атоочу.

БИРДИК *зат.* 1. Ынтымактуулук, бир ооздуулук, бириккендик, баш кошкондук. *Дүйнөдө эмгекчилердин Жашасын темир бирдиги* (Тоголок Молдо). *Бирдик болбой тирдик болбойт* (макал).

2. Бирден тогузга чейин кошулуусуз айтыла турган сан.

БИРДИКТҮҮ *сын.* Бирдиги бар, биримдиктүү. *Бирдиктүү колхоз бек күчтүү* (Осмонов). *Күчүбүз тоодой бирдиктүү, Күрөшкөндү жыгабыз* (Осмонкул).

БИРДИКТҮҮЛҮК *зат.* Бир ооздуулук, ынтымактуулук, бириккендик, баш кошкондук. *Биз өзүбүздүн бирдиктүүлүгүбүз менен чыңбыз.*

БИРЕРДЕ *такт.* Кез-кезде, кээде, кээ бир учурда, кээ бир убакытта. *Кызып кетсе биреpдe, Жүгүрүгү шамалдай* («Курманбек»).

БИРЖА *зат.* Капиталисттик өлкөлөрдө ири финансылык жана соода жумуштары боюнча келишим түзгөн мекеме.

БИРИГИШ **бирик** этишинин кош мамилеси.

БИРИГҮҮ **бирик** этишинин кыймыл атоочу.

БИРИК *этиш.* Бирге баш кошуу, чогуу болуу, уюмдашуу. *Көп бириксе, көлдөн күчтүү толкундайт* (Аалы). *Биздин союз түбөлүккө бириккен, Гербде турган балка менен ороктой!* (Аалы).

БИРИКМЕ *зат. эс.* Уюмдашуу; колхоздошуу. *Өкмөттөн үрөн берет алгыла, Майдаланбай бирикмеге баргыла!* (Аалы). *Кооперативдик бирикмелер.*

БИРИКТЕШ *этиш.* Биримдешүү, биргелешүү, уюшуу. *Комсомолдор бириктешип уюшкан Душмандардын түп-тамырын куруткан* (Барпы).

БИРИКТЕШТИР **бириктеш** этишинин аркылуу мамилеси.

БИРИКТЕШҮҮ **бириктеш** этишинин кыймыл атоочу.

БИРИКТИР **бирик** этишинин аркылуу мамилеси.

БИРИЛТИК *зат.* Чүкө оюнунда (упай) эсептөөнүн жолу. *Бирилтик чүкө.*

БИРИМДИК *зат.* Бирдиктүүлүк, баш кошкондук, ынтымактуулук. *Биримдиги бар эл. Элди биримдикке чакыруу.*

БИРИНДЕ *этиш.* Бөлөк-бөлөк болуу, тароо, бөлүнүп-бөлүнүп кетүү, чачынды болуу. *Биринден барганда эч кимибизди укпай тургандыгы өзүнөн-өзү белгилүү* (Абдукаримов). *Чогулган жыйын биринден тарап, Бараткан элдер үйлөрүн карап* (Абдыраманов).

БИРИНДЕК *сын.* Сейрек, чачкын, бөлөк-бөлөк.

БИРИНДЕТ **биринде** этишинин аркылуу мамилеси.

БИРИНДӨӨ **биринде** этишинин кыймыл атоочу.

БИРИНЧИ *сан.* 1. Бирдин иреттик саны. *Кыргыздын Фрунзе аттуу сонун шаарын Көтөргөн эң биринчи орус колу* (Осмонов). *Өзү тиккен көйнөктү биринчи кийип чыкканына.. көңүлү ого бетер көтөрүңкү* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Эң жакшы, эң мыкты, эң алдынкы, алдынкы катардагы. *Турат жакшы окуган, класс боюнча биринчи бала* («Жаш ленинчи»).

БИРИНЧИЛИК *зат.* Биринчи орунда туруучулук, биринчи орунду ээлөөчүлүк, биринчи катарда болуучулук. *Ал да мылтык атуудан биринчиликти алып, ошол күнү зор кубанган* (Жантөшев).

БИРЛЕШ **бирдеш** менен бирдей.

БИРЛИК **бирдик** менен бирдей.

БИРОК *байл.* Айтылуучу ойдогу карама-каршылыкты, бири-бирине туура келбегендикти же айтылуучу ойго чек койгондукту билдирип, айрым жөнөкөй сүйлөмдөрдү тутумдаштырат. *Машина тике эле бизди көздөй бурулду, бирок жете электе токтотуп коюшту* («Ала-Тоо»).

БИРООКУМДА *такт.* Бир мезгилде, бир учурда, бир убакытта. *Бироокумда бирөө бетимди кытыгылагансыйт* (Аалы).

БИРОТОЛО *такт.* Бир жолу, таптакыр. *Үркүнбай аксакал сөздөн биротоло баш тарткан кишиче дагы бир жолу колун шилтеди* (Абдукаримов). *Анан биротоло коштошту* (Сыдыкбеков).

БИРТИКЕ *такт.* Бир аз, анча-мынча, көп эмес. [*Урумкан*].. *биртике баа түшүп, айланасын карады* (Бейшеналиев). *Түйүнчөгүңдөгү биртике акчаңа эмне сенесиңби?* (Бейшеналиев).

БИСМИЛЛА *сырд. дин.* 1. Ар кандай иштерди баштоодо, тамак ичээрдин алдында мусулман дининдегилердин «кудайдын, алданын ысымы менен» деген мааниде айта турган сөзү.

2. «Бисмиллоирахмонирраxим» түрүндө Курандын сүрөөсүнүн жана дин китептеринен, диндик мааниде (стилде) жазылган каттардын ж. б. башкы сөзү катарында колдонулат.

БИТ *зат.* Адамдын жана айбандын канын соруп жашоочу мите. *Битке өчөшүп көйнөгүңдү отко салба* (макал).

БИТИР I *зат. дин.* 1. Орозонун токтолушу.

2. Орозонун бүтүшүнө карата садага берүү. *Орозодо молдолор Опулдашат битирге* (Токтогул).

БИТИР II *зат.* Сараң, ач көз, катуу баш. [*Жүзбай*] *жетишерлик малы болгон менен өтө битир эле* (Каралаев).

БИТИРЕ *этиш.* Ач көздөнүү, сараң болуу, колунан чыгарбоо. *Бай, курусун битирейт, Малайдын акын бүт бербейт* (Токтогул).

БИТИРӨӨ **битире** этишинин кыймыл атоочу.

БИТТА *сан. диал.* Бир даана.— *Самоварчы аке! Битта чай!* (Жантөшев).

БИТТЕ I *этиш.* Бычуу, энин алып салуу. *Кочкорун биттеп ирик кылган, Коюндун баарын түрк кылган* («Манас»).

БИТТЕ II *этиш.* Бит басып кетүү, бити көбөйүү.

БИТТЕЛ битте I этишинин туюк мамилеси.

БИТТЕТ битте этишинин аркылуу мамилеси.

БИТТӨӨ битте этишинин кыймыл атоочу.

БИШКЕК *зат.* Кымыз бышуу, айрандын, каймактын майын алуу үчүн колдонулуучу курал, бышкыч. *Бишкек салып акырын бышкан чаначтай бүлкүлдөдү* (Жантөшев).

БИШКЕКТЕ *этиш.* 1. Бишкек менен бышуу. *Бишкектеп жаткан чоң саба күбүрдөй удургуп, сөздү толук угузбайт* (Аалы).

2. *өт.* Сайгылоо, түрткүлөө. *Биз бакан менен карды бишкектеп, Сатылганды ошол чөлкөдөн издедик* (Аалы).

БИШКЕКТЕТ бишкекте этишинин аркылуу мамилеси.

БИШКЕКТЕШ бишкекте этишинин кош мамилеси.

БИШКЕКТӨӨ бишкекте этишинин кыймыл атоочу.

БИЯБАН *зат.* Чөл, эрме чөл, ээн талаа. *Күндүк жерге жетиптир Бир биябан талаага* («Манас»).

БЛАНК *зат.* Айрым бөлүгүнө даяр тексттер басылган, калган бөлүгү толтырууга ылайыкталган баракча. *Справканын бланкасы. Почта аркылуу акча жиберүү бланкасы.*

БЛИН *зат.* Май сыйпалган көмөч казанга суюк камырдан жукалап бышырган тамак.

БЛИНДАЖ *зат.* Артиллериянын жана миномёттун огунан коргонуу үчүн үстү калыңдап жабылган жашына турган жай. *Блиндаж чоң бөлмөдөй бийик, кенен Казылган чеп кургандай жер алдында* (Үмөталиев).

БЛОК I *зат.* Таманында кобулу (оюгу) бар дөңгөлөктү канат, аркан, жип ж. б. ороп айлантуу аркылуу жүктү көтөрүүгө ылайыкталган жөнөкөй механизм.

БЛОК II *зат.* Биргелешип аракет кылуу үчүн мамлекеттердин, саясий партиялардын же уюмдардын ортосунда түзүлгөн келишим. *Коммунисттердин жана партияда жоктордун блогу.*

БЛОКАДА *зат.* 1. *сог.* Шаарды, крепостту, согуштук базаны жана армияны курчап алып, негизги бөлүгүнөн ажыратып, аны багынтуу же кыймылын токтотуу аракети.

2. *саяс.* Бир мамлекетти экономика жана саясий жагынан обочолотуу максатында жасалган кысым.

БЛОКНОТ *зат.* Жазууга ылайыкталып жасалган жыртып алма дептерче. *Сергей.. чачын.. сылап коюп, колундагы блокнотко өлчөнгөн метрлердин эсебин тиркейт* (Сыдыкбеков). *Шариптин.. эл аралык, саясий сөздөрдүн маанисин жазып жүргөн атайын сөздүк блокноту бар* (Бейшеналиев).

БЛУЗА *зат.* Шымдын сыртына чыгарып кийиле турган кенен көйнөк.

БЛУЗКА *зат.* Жеңил кездемеден тигилген, аялдар юбка менен кийүүчү көкүрөк көйнөк.

БОБ *зат.* Бакчада өсүүчү буурчак өсүмдүк.

БОБРИК *зат.* Сырткы кийимге ылайыктуу түктүү сукно.

БОГОК *зат.* 1. *мед.* Калкан бездеринин өсүп кетишинен пайда болгон оору. [*Керимахундун*].. *бүжүгүр кара сакалынын алдындагы богогу ыксыз балкылдады* (Жантөшев).

2. Ээктин алдындагы эттенип калган бөлүк. *Эркингүл богогу салаңдаган.. ак саргыл келин* (Жантөшев).

3. Эгиндин баш алууга жакындаганда сабагынын учунда пайда болгон дан байлоочу бөлүгү. *Буудай тегиз богок байлап калган кез эле* (Абдумомунов).

БОГОКТУУ *сын.* Богогу бар. *Боз улан богоктуу калды, боз токту куйрүктуу калды.*

БОГОО *зат.* Кишиге жана атка салына турган кишен, тушоо. *Буурул атта богоо болсо, аны кесер өгөө да болот* (макал).

БОГООЛО *этиш.* 1. Богоо салуу, богоо менен тушоо.

2. *өт.* Эзүү, кыйноо, кул кылуу, кулдандыруу

БОДО *зат.* Уй (торпок, өгүз, кунажын, саан уйдун жалпы аталышы). *Баш-аягын саноса, баары отуз эки баш бодо* (Бейшеналиев). *Кыштын күнү бодо мал Жылкы менен койго окшош, Тескейден тээп чөп жебейт* (Усөнбаев).

БОДУР *сын.* Бети тегиз эмес, бодуракай. *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов). *Бодурда бугу маарашат, Музоосу басса жарашат* (Осмонкул).

БОДУРАЙ *этиш.* Бети жылма болбой бодур-бодур көрүнүү, бодуракай болуу.

БОДУРАЙТ бодурай этишинин аркылуу мамилеси.

БОДУРАКАЙ *сын.* Бодурайган, бодур-бодур болгон.

БОДУРАЮУ бодурай этишинин кыймыл атоочу.

БОЁ *этиш.* 1. Сырдоо, боёкко салуу. *Килемдей түрдөп там боёп, Гүлдөрүн тарткан жеринин* (Маликов). *Бөрү карагатка боёгон марли жоолук* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Жылмалоо, жаманды жакшы кылып көрсөтүү.

◆ **Көз боёо** — жазгыруу, алдоо, бирөөнүн көзүн будамайлоо.

БОЁК *зат.* Нерсеге белгилүү бир өң берип боёо үчүн колдонулган химиялык зат. *Кара боёк. Көк боёк. Тондун боёгу.*

БОЁКЧУ *зат.* Боёо ишинде иштөөчү, боёк сатуучу адам.

БОЁЛ боё этишинин туюк мамилеси.

БОЁМО *зат.* 1. Боёлгон нерсе, зат. 2. *өт.* Жасалма, чыныгы эмес.

БОЁМОЛО *этиш.* Будамайлоо, көз боёочулук кылуу, жасалмалоо. *Боорукерсип маналтар, Боёмолоп келчү эле* (Аалы). *Өз ишинин сапатсыздыгын боёмолоп жүрдү.*

БОЁН боё этишинин өздүк мамилеси.

БОЁО I *зат.* Боёк үчүн колдонулуучу заттар. *Боёо чөп. Тамыры боёо өсүмдүк.*

БОЁО II боё этишинин кыймыл атоочу.

БОЁТ боё этишинин аркылуу мамилеси

БОЁШ боё этишинин кош мамилеси.

БОЕЦ *зат.* Солдат, жоокер.

БОЖОМОЛ *зат.* Жоромол, болжол, так, ачык, анык эмес. *Каттагы божомолдор эч нерсени ачык айтпайт* (Жантөшев).

БОЖОМОЛДО *этиш.* Божомол кылуу, болжолдоо.

БОЖОМОЛДОТ божомолдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОЖУ *зат.* Арабага кошулган атты тизгиндеп буруу, токтотуу үчүн колдонулуучу боо. [*Бала*].. *атынын божусун кармап, атты айдап бара жатты* (Баялинов).

БОЖУРА *этиш.* Майдалап көп сүйлөө. *Бала кыялданган байкуш кары дагы божурады* (Сыдыкбеков).

БОЖУРАШ божура этишинин кош мамилеси.

БОЖУРОО божура этишинин кыймыл атоочу.

БОЗ I *сын.* Буурул, агыш тарткан түс. *Бир маалда боз чөпкенин желбегей жамынып, кепичти жалаң кийип бирөө чыкты* (Бөкөнбаев). *Көгөргөн чөпсүз боз талаанын боз топурагы белдеп бурайт* (Жантөшев).

◆ **Боз бала** *к.* **бала. Боз ала болуу** — уялуу, ыза болуп калуу. **Боз кыроо** — 1) кеч күздө түшүүчү бубак. *Боз кыроо жаңы түшкөн* (Бектенов); 2) кеч күз. *Боз кыроо ченде капысынан (талга) эчкинин тиши тийип, келеркиде өнөр-өнбөстүгүнө шек туудурган* (Бейшеналиев). **Боз түшүү** — мунарыктаган туман түшүү. *Чүйдүн талаасына боз түшүп турду* (Бөкөнбаев). *Алайдын тоолоруна да боз түшкөн* (Жантөшев).

БОЗ II *этиш.* Качуу, жоголуу, безип кетүү. *Айласын таппай бозуп кетүү. Азып-бозуп жүрүү.*

БОЗГУН *зат.* Качкын.

БОЗГУНЧУ *зат.* Бозуп жүргөн, бозгон киши. *Киж билет, жаш болсо да маа окшогон бозгунчу бекен?* (Аалы).

БОЗДО *этиш.* 1. Ботосун жоктоп мыңканып үн салуу (төөгө карата). *Боздоп келип чакырат Ботолорун төөлөрү* (Аалы).

2. Мыңканып озондоо, өкүрүү. *Боздодуң, апа, боздодуң, Кайгымды кайра козгодуң* (Токтогул). *Ажар .. буркурап, боздоп ыйлап жиберди* (Баялинов).

БОЗДОО боздо этишинин кыймыл атоочу.

БОЗДОТ боздо этишинин аркылуу мамилеси.

БОЗО *зат.* Буудай, таруу, жүгөрү сыяктуу эгиндердин шагынан кайнатылып, угут кошуп ачытылган жана жылуу суу куюп сүзүлгөн ачкыл тамак, суусун. *Чарчабай бир жаш улан кесе сунган, Тартынбай канганча ичип бозосунан* (Осмонов). *Бозодогу сөз бокко жарабайт.*

БОЗОЙ *зат.* Жаш жигит, эр жигит, азамат. *Жаш жарын бозой тоскондой, Жадырап аппак таң атты* (Бөкөнбаев).

БОЗОКОР *зат.* 1. Бозо салып сатуучу, бозочу. *Суудан алып сууга куйду, бозокордун неси кетти.*

2. Бозону көп ичкен, бозодон калбаган киши. *Бозокорлор «бали» дешип чуруладайт* (Үмөталиев).

БОЗОМУК бозому менен бирдей.

БОЗОҢ *сын.* 1. Мунарык, ачык эмес.

2. Чөбү куурап, бозоруп калган жер. *Мал кышкысын ушул бозоңдо болот* («Ала-Тоо»).

БОЗОР *этиш.* 1. Кубаруу, боз тартуу, өңү өчүү. *Чөп куурабас болсочу, Көз тунарбас болсочу, Кызыл жүзү бозоруп Кыз Кубарбас болсочу* (Токтогул). *Бир кубарып, бир бозоруп.*

2. *өт.* Ыза болуу, өкүттө калуу.

БОЗОРТ бозор этишинин аркылуу мамилеси.

БОЗОРУҢКУ *сын.* Кубарыңкы, кызыл кетиңки, кумсарыңкы. *Бозоруңку көрүнгөн — Аштыгым айдар жер ошол* («Манас»).

БОЗОРУУ бозор этишинин кыймыл атоочу.

БОЗОЧУ *зат.* Бозокор, бозо салып сатуучу адам.

БОЗУМ *зат.* Бир жашар бүркүт же биринчи түлөк. *Боз каркыра болпоңум, Бозум түлөк шумкарым* («Эр Табылды»). *Саятчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул)

БОЗУУ боз этишинин кыймыл атоочу.

БОЙ *зат.* 1. Бир нерсенин бийиктиги, чоңдугу, тикесинен турган абалы. *Бою узун. Бою жапыз. Найза бою кар жаасы. Күн аркан бою көтөрүлдү.*

2. Адамдын, айбандын денеси, тулку т. *Бою сындуу, бети нурдуу* (Сыдыкбеков).

3. Суунун, жолдун, көлдүн ж. б. жээ. *Суунун бою. Жолдун бою.*

4. Жалгыз, бойдок, адамдын керт башы. *Кара жанга күч келип, Катыны жок бой бактың* (Тоголок Молдо).

5. Боюнча, белгилүү мезгил ичинде. *Жыл бою. Түн бою уйку бетин көрбөө.*

◆ **Боюна бүтүү** — кош бойлуу болуу. **Боюнан бошонуу** — төрөө. **Боюнан түшүү** — боюндагы бала төрөлүү мезгилине жетпей кырсыктап түшүп калуу. **Бой тартуу** — эр жетүү, баралына келүү (толуу). **Бой көтөрүү** — кекирейүү, мактануу, теңсинбөө, чоңсунуу. *Бой көтөрбө, эр жигит, Кичүү менен улуугa* (Калык). **Бой берүү** — моюн сунуу, баш ийүү. **Бой салуу** — көңүл буруу, берилүү. *Боздосом да жеткирбей, Бой саласың башкага* (Осмонов). **Бой сунуу** — моюн сунуу, бой берүү.

БОЙБОЗДО *этиш.* Озондоо, бакыруу; улуп-уңшуу.

БОЙБОЗДОТ бойбозду этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙБОЗДОО бойбозду этишинин кыймыл атоочу.

БОЙБОЙЛО *этиш.* Бой-бой деп ызы-чуу болуу, дүрбөлөң түшүү. *Боз ала желек туу алып, Бойбойлогон чуу салып* («Манас»). *Даакылары тытылып, Балдар ыйлап бойбойлоп* («Манас»).

БОЙБОЙЛОО бойбойло этишинин кыймыл атоочу.

БОЙБОЙЛОТ бойбойло этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙДОК *зат.* Жалгыз баш, аялы жок; күйөөсү жок. *Бойдок жигит. Бойдок аял.*

БОЙДОН *жанд.* Боюнча, мурдагысындай, өзгөрбөгөн. *Бала бойдон. Ошол бойдон.*

БОЙКОТ *зат.* Айрым адамдар, уюм же мамлекет тарабынан өз ара мамилени токтотуу үчүн саясий жана экономикалык күрөш жүргүзүү жолу. *Бойкот жарыялоо.*

БОЙЛО *этиш.* 1. Тереңдиктин, бийиктиктин ченин, өлчөмүн байкоо, башка бир нерселердин бою аркылуу билүү. *Аркан бойлой турган тереңдик. Найза бойлобос чуңкур.*

2. Жээктеп жүрүү. *Жигиттер, арык бойлоп, балык уулап жүрөсүңөрбү?* (Бейшеналиев).

3. *өт.* Ойноп-күлүү. *Кара күрмө шай кийип, Бойлогула кыздар-ай* (Токтогул).

БОЙЛОО бойло этишинин кыймыл атоочу.

БОЙЛОТ бойло этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙЛУУ *сын.* 1. Бою узун. *Бойлуу жигит.*

2. Чарчы, орто, кыска, шыңга ж. б. аныктоочтор аркылуу бойду белгилөө үчүн колдонулат. *Чарчы бойлуу. Шыңга бойлуу. Орто бойлуу.*

◆ **Кош бойлуу** *к.* **кош II.**

БОЙПОЙ *этиш.* Момун, жоош болуу, бойпоюу. *Билбегенсип бойпоюп, Көрбөгөнсүп компоюп* (Тоголок Молдо).

БОЙПОЙТ бойпой этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙПОЮУ бойпой этишинин кыймыл атоочу.

БОЙПОҢДО *этиш.* Тойпоң-тойпоң этип чуркоо, тойпоңдоо.

БОЙПОҢДОО бойпоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОЙПОҢДОТ бойпоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙРО *зат.* Камыштан, жазы, жалпак кабыктан ж. б. токулуп, жабуу, жерге салуу үчүн колдонулган нерсе. *Бойро жапкан боз топурак тамың бар, Араба өтсө асмандаган чаңың бар* (Калык).

БОЙТОЙ *этиш.* Тоголок, чакан келип, татынакай көрүнүү. *Бойтоюп эл ичинде жүрө берет, Болжолсуз эч адамга болбойт чыры* (Тоголок Молдо).

БОЙТОҢДО *этиш.* Бойтоюу, татынакай көрүнүү.

БОЙТОҢДОО бойтоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОЙТОҢДОТ бойтоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОЙТОЮУ бойтой этишинин кыймыл атоочу.

БОК *зат.* 1. Заң. *Уруштун башы бок жебе* (макал).

2. *өт.* Металлдарды эриткенде пайда болгон ар түрдүү аралашмасы бар калдык. *Темирдин богу. Чоюндун богу.*

БОКАЛ *зат.* Вино, шампанское ж. б. куюп иче турган рюмка формасында, бирок андан чоң идиш. *Бокалды колуна алды ата Миңбай, Көбүрүп шампанский ташып сыйбай* (Абдыраманов).

БОКОНО *зат.* Кыска кабырга. *Балтырдын баарын жооруттук, Боконо сөөктү ооруттук* («Манас»). *Эч болбосо тең кылбайт Боконо менен моюнга* (Осмонкул).

БОКОЧО мокочо менен бирдей.

БОКС *зат.* Белгилүү эреже боюнча ойноло турган спорттук муш. *Бокс боюнча республиканын биринчилиги үчүн мелдештер Фрунзе шаарында болуп өттү* («Советтик Кыргызстан»).

БОКСЁР *зат.* Бокс оюну боюнча спортсмен.

БОКСИТ *зат.* Составында алюминий аралашмасы бар чөкмө тоо тегинен турган эң мыкты алюминий рудасы.

БОКТО *этиш.* Тилдөө, сөгүү.

БОКЧО *зат.* 1. Капчык, баштык. *Кемпирдин чечет бокчосун карап, Көбүнүн үйүн алыптыр талап* (Абдыраманов). *Боз коёндон түлкү көп, Бокчого жыйган мүлкү көп* («Манас»).

2. Баланы же бешикти өңөрүү үчүн ээрдин алды жагына коюла турган кичине таңгак.

БОКЧОЙ *этиш.* Ийни куушурулуп бүкүрүрөөк тартып үңкүйүп туруу.

БОКЧОЙТ бокчой этишинин аркылуу мамилеси.

БОКЧОҢДО *этиш.* Бою кичинекей, тууралжын келип, тойтолоңдоп басуу.

БОКЧОҢДОО бокчоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОКЧОҢДОТ бокчоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОКЧОЮУ бокчой этишинин кыймыл атоочу.

БОЛ *этиш.* 1. Белгилүү бир жайда жүрүү. *Шаарда болдум. Үч жылы кыштакта болуп, айылдык мектепте иштеп жүрдүм* («Ала-Тоо»).

2. Канча, кандай, кандай абал, ким, эмне экендик ж. б. билдирүү үчүн колдонулат. *Жаман болду. Дурус болду. Он беш күн болгондо сугатчылардын экинчи кезеги келет* («Ала-Тоо»). *Падачы болуп мен жүрөм Бай-манаптын колунда* (Барпы). *Сак болгун элим малыңа* (Токтогул). *Күндүздай болгон кара чач Кең далыда буралып* (Үсөнбаев).

3. Тез, ылдам. *Бол, балам, эртерээк аттанып, төмөнкү айылга жете конолу* («Ала-Тоо»). *—Бол,— деди чал сөзүн бөлүп Асанга, — жарык кезде камынгыла казанга* (Аалы).

4. Жетет, жетишет. *Болду эми, сөздүн акыры ушу болсун, эртең районго бирге жөнөйлү* («Советтик Кыргызстан»). *Болду, кечке эле маңыздана бербей, ишке өтөлү* («Ала-Тоо»).

5. Макулдукту, туура, эп көргөндүктү билдирүү. *Мага болбой койду. Болуптур, айтканыңыз айткандай орундалат* («Чалкан»)

6. Бүтүү, аягына чыгуу, аяктоо. *—Үйүңдө болдуңбу,— деди карыя. —Болдум. Эки айдан бери илешип жүрүп, бүгүн арак болдум* («Ала-Тоо»).

7. Ийгиликке жетишүү, оңунан чыгуу. *Күрөшкө бир түшүп көрөйүн дедим эле, бирок болбоду. Менден мурда башка бир жигитти дайындап коюшкан экен.*

8. Жардамчы этиш катарында колдонулат. *Бармак болду. Алат болчу. Берет болчу.*

◆ **Болор-болбос** — анча-мынча, биртике, бир аз. *Айыктырбай ырбатат Болор-болбос жараңды* (Токтогул). *Болор-болбос көзүн кысып алыска Карап турду сангa сүйөп таягын* (Аалы). **Болду-болбоду** — балким, болжолу, кантсе да.

БОЛДУР бол этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛЖО *этиш.* Болжолдоо, жалпы белгилөө, ой жоруу. *Болжогон убакта Көчөр менен Сатардыкына келишти* (Бейшеналиев). *Болжой албады.*

БОЛЖОЛ *зат.* 1. Жоромол, божомол, так белгиленбеген өлчөм, чен; белгиленген, көрсөтүлгөн мөөнөт, убакыт, дайындалган жер. *Билесиң иштин болжолун* (Токтогул).

2. Ченем, өлчөм. *Кыйыштырып жазчу эле Кыйла сөздүн болжолун* (Осмонкул). *Болжолун билбей калдым нечендердин* (Үсөнбаев).

БОЛЖОЛДО *этиш.* Божомолдоо, чамалоо. *Кең төрлөр, эркинче жайылган.. мал, чынын айтсам, башым адашты. Болжолдоп ченемим жетпеди* (Сыдыкбеков). [*Орусбек*].. *бирде алыска көз чаптырып теребелди болжолдоп, бирде баракты өлчөп, алган масштабын ченемдейт* (Сыдыкбеков).

БОЛЖОЛДОО болжолдо этишинин кыймыл атоочу.

БОЛЖОЛДУУ *сын.* Болжол кылынган, болжолдонгон. *Жолоочулар катуу жүрүшкө салып, болжолдуу жерге конушмакчы болушту* (Токобаев). *Күнгөй жак, «жалгыз өрүк» барар жерим, Болжолдуу өз саатында келип жетти* (Осмонов). *Биз болжолдуу жергé жеткенде, замбиректин үнүнө аралашкан кыргыздардын үнү угулду* (Бөкөнбаев).

БОЛЖОЛУ *мод.* Чамасы, сыягы, кыязы. *Айылдан, болжолу, үч километрдей узадык* (Каимов).

БОЛЖОО болжо этишинин кыймыл атоочу.

БОЛК *туур.* Чочугандыкты, коркуп кеткендикти көрсөтөт. *Жүрөгүм болк эте түштү.*

БОЛКОЙ *этиш.* Болпоюу, толук, семиз болуп көрүнүү. *Аккула минип болкоюп, Накери бутта чойкоюп* («Манас»).

БОЛКОЙТ болкой этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛКОЮУ болкой этишинин кыймыл атоочу.

БОЛКУЛДА *этиш.* Болк-болк этүү; коркуу, чочуу. *Жазылгыс таарыныч жүктөнүп, муун-жүнүү болкулдап, ордунан турду* (Касымбеков). *Жар бойлосо араба, Жүрөгүбүз болкулдап* (Аалы).

БОЛКУЛДАТ болкулда этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛКУЛДОО болкулда этишинин кыймыл атоочу.

БОЛМУШ *зат.* Болгон иш, болгон окуя. *—Сен сыр сактоо жөнүндөгү мына бул болмушту угуп ал, анан анын маңызын жаныңдай сакта* (Аалы).

БОЛОКТО *этиш.* 1. Шолоктоо, өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлоо. *Ыйлап жүрөт болоктоп* («Семетей»). *Ажар жуурканды чүмкөнүп, болоктоп ыйлады* (Баялинов).

2. Көл-шал түшүп тердөө.

БОЛОКТОО болокто этишинин кыймыл атоочу.

БОЛОКТОТ болокто этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛОТ *зат.* Темир жана бир аз углероддун кошундусунан пайда болгон күмүш түстүү өтө катуу металл. *Болот труба. Болот кылыч.*

БОЛОТНАЙ *зат.* Пахтадан токулган ак кездеме. *Болотнай көйнөк.*

БОЛОЧОК *зат.* Келечек, алдыда боло турган иш, алдыдагы мезгил. *Болочок турмуш. Болочокто көрүнөт.*

БОЛПОГОЙ *сын.* Толук, болтогой.

БОЛПОЙ *этиш.* Толук болуп туруу, болтоюп туруу. *Иштеп талыбас, эмгекти сүйгөн, болпойгон ырас адам* (Сыдыкбеков). *Расул болпойгон жоош бала* (Касымбеков).

БОЛТОЙТ ботлой этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛПОК *сын.* Толук, толмоч, болтогой, борсогой.

БОЛПОЧ *сын.* Толук, болтогой, эттүү.

БОЛПОЮУ болпой этишинин кыймыл атоочу.

БОЛТ *зат.* Бир жак башы бурама, кинчи башы бөрктүү стержень.

БОЛТОГОЙ *сын.* Семиз, эттүү, толук, борсогой, болтогой. *Болтогой бала.*

БОЛТОЙ *этиш.* Болпоюу, болук, эттүү болуп көрүнүү.

БОЛТОЙТ болтой этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛТОҢ: болтоң-болтоң этүү — семиз, болтогой көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу.

БОЛТОҢДО *этиш.* Болтоң-болтоң этүү. *Болтоңдоп жапалдаш бой, кызыл жүздүү, Бийлөөдө арак жүрөт өзүн эптеп* (Абдыраманов).

БОЛТОҢДОО болтоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОЛТОҢДОТ болтоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛТОЮУ болтой этишинин кыймыл атоочу.

БОЛТУР *этиш.* Бир ишти иш жүзүнө ашыруу, аткаруу, чындыкка чыгаруу. *Кыргыз бүгүн болбогонду болтурат, Мүнөт санап бөксөлөрүн толтурат* (Аалы). *Ойдогуну болтуруп, Орундаттык тилекти* (Үмөталиев).

БОЛТУРТ болтур этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛТУРУУ болтур этишинин кыймыл атоочу.

БОЛУК *сын.* Толук, толмоч, эткел. *Болук киши. Болук денелүү.*

БОЛУҚШУ *этиш.* Балкуу, магдыроо, көөлгүү, ымтыроо. *Баласын алып болукшуп, Байбичеси толукшуп* («Манас»).

БОЛУҚШУТ болукшу этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛУҚШУУ болукшу этишинин кыймыл атоочу.

БОЛУМ *зат.* Болгон, бар (киши жөнүндө). *Дубандан издеп таппадым, түгөнгүр сендей болумду.*

БОЛУМДУУ *сын.* Мыкты, жакшы, сонун. *Босогодо сайраган Болумдуу куштун баары бар* («Эр Төштүк»).

БОЛУМСУЗ *сын.* Болумдуу эмес, болуму жок, начар. *Бойго жеткен кызга окшоп, Болумсуз иштен уялат* (Токтогул). *Болумсуз өмүр өткөрүп, Биз да кыштан чыктык го* (Элебаев).

БОЛУСҚЕЙ *зат. сүйл.* Ак түстөгү металл.

БОЛУУ бол этишинин кыймыл атоочу.

БОЛУШ I *зат. тар.* 1. Падышалык Россияда уездин бир бөлүгү болуп эсептелген эски административдик-территориялык бөлүнүш, волость. *Ак-Буура болушундагы калктын бардыгы чоң мечиттин алдындагы аянтка чогулган* (Абдукаримов).

2. Ушундай бөлүнүштүн (волостун) башкаруучусу. *Миң түтүнгө бир болуш.* (Жантөшев). [*Лампаны*].. *эң биринчи Сарыгул деген болуш алып келиптир* (Сыдыкбеков).

БОЛУШ II *этиш.* Бир жакка талам-даш, жардамдаш болуу, жактоо. *Болбогонго болушпа* (макал). *Башыма урса полицей, Орустарым болушту* (Токтогул).

БОЛУШУУ болуш этишинин кыймыл атоочу.

БОЛУШУНЧА *такт.* Бар болгонунча, бардыгынча, турганынча. *Андрей элге айлана карап, үнүнүн болушунча бакылдап сүйлөп калды* (Байтемиров).

БОЛУШЧААК *сын.* Көп болушкан, бирөөнү жактаган, таламын талашкан. *Энеси болушчаактын кызы ыйлаак, атасы болушчаактын уулу ыйлаак* (макал).

БОЛЧОЙ *этиш.* Чоң, ыксыз семиз болуу, өтө эле эби-сыны жок семиз болуу, локуюу, колтоюу. *Болчоюп карап турат.*

БОЛЧОЙТ болчой этишинин аркылуу мамилеси.

БОЛЧОҢДО *этиш.* Болчоюп, эби-сыны жок кыймыл-аракетте болуу (чоң, семиз кишиге карата).

БОЛЧОҢДОО болчоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОЛЬШЕВИЗМ *зат.* Пролетариаттын революциялык кыймылынын жана капиталисттик коомду революциялык жол менен коммунисттик коомго айландыруунун В. И. Ленин тарабынан иштелип чыккан, орустун жана эл аралык жумушчу табынын күрөшүнө негизделген теориясы жана тактикасы.

БОЛЬШЕВИК *зат.* Большевиктик партиянын мүчөсү (алгачкысы: 1903-жылы партиянын II съездинде В. И. Лениндин жетекчилиги астында түзүлгөн Россиялык социал-демократтык жумушчу партиясынын көпчүлүккө ээ болгон революциялык тобунун мүчөсү); большевизмдин ишин улантуучу, коммунист.

БОЛЬШЕВИКТИК *зат.* Большевизмдин жолун жолдоочулук.

БОЛЬШЕВИКЧЕ *такт.* Большевик сыяктуу, большевиктей. *Большевикче иштөө. Большевикче күрөшүү.*

БОЛЬШЕВИКЧИЛ *сын.* Большевизмди жактагыч, большевизмге берилген.

БОМБА *зат.* Жарылгыч заттар толтурулган снаряд. *Атом бомбасы. Бомба жарылгансып, дарынын күйүкүм жыты коңурсуп, мурунду жарды* (Сасыкбаев).

БОМБАЛА *этиш.* Бомба таштоо, бомба таштап чабуул коюу. *Каршы-терши бомбалап, Кайырсыз жору канкорго Кан төгүп ойрон салабыз* (Аалы).

БОМБАЛОО бомбала этишинин кыймыл атоочу.

БОМБАРДИРОВЩИК *зат.* Душмандын жерде жана сууда жүрүүчү күчтөрүн бомбалоочу согуштук самолёт.

БОМБУ бомба менен бирдей.

БОО *зат.* 1. Бир нерсени байлоо, таңуу, бекитүү үчүн колдонулган жип, тасма жана башка нерсе. *Түндүк боо. Ууктун боосу. Ботинка боо. Оймоктун боосу. Үзөңгү боо.*

2. Эгиндин, чөптүн ж. б. нерселердин бир байламы. *Беш боо буудай. Боо-боо кылып жыйылган беде.*

◆ **Боо түшүү**—кырылуу, кыйроо. *Адам менен аттын өлүгү каршы-терши боо түшүп, басарга жер калбай калды* (Каралаев). *Боо түшүп тулпар ат өлдү* («Манас»).

БООЗ *сын.* Ичинде баласы бар, жүктүү. *Бооз бээ. Бооз кунаажын.*

БООЗУ *этиш.* Боюнда болуу, боюна бүтүү.

БООЗУТ боозу этишинин аркылуу мамилеси.

БООЗУУ боозу этишинин кыймыл атоочу.

БООЛА *этиш.* Боо менен бекитип байлоо, таңуу (эгинди, чөптү ж. б.). *Канча боо бооладың? Боолагандарыңды жыйдыңбы?* («Жаш ленинчи»).

БООЛАН боола этишинин өздүк мамилеси.

БООЛАТ боола этишинин аркылуу мамилеси.

БООЛАШ боола этишинин кош мамилеси.

БООЛГО боолголо менен бирдей.

БООЛГОЛО *этиш.* Божомолдоо, бүдөмүк таануу, болжол кылуу, бүшүркөө. [*Шарип*].. *эки атчанды алыстан боолголоп, астына утурулай бастырды* (Бейшеналиев).

БООЛГОЛОО боолголо этишинин кыймыл атоочу.

БООЛОО боола этишинин кыймыл атоочу.

БООЛУК *зат.* 1. Орулган эгинди, чөптү боолаш үчүн жасалган боо.

2. Бир нерсенин боосу. *Желектүү найза сыналтып, Боолугун колго кыналтып* («Эр Табылды»).

БООЛУУ *сын.* Боо тагылган, боосу бар. *Алтын боолуу ак туйгун, Тынарым аман бар бекен?* («Курманбек»).

БООР *зат.* 1. Адамдын, айбандардын өтүн жана тамак сиңирүүгө зарыл болгон бир катар заттарды иштеп чыгаруучу ички органы.

2. Адамдын, айбандардын курсак жана төш жагы. *Эки колун бооруна алып үңкүйө жер карап отурган Алыбай* (Жантөшев). [*Окжетпес*].. *боорун жерге төшөп жата калды* (Сыдыкбеков).

3. Тоонун, жардын, дубалдын ж. б. бети, каптал тарабы. *Жар бооруна уя салган таандарды көрдүк* («Жаш ленинчи»). *Тамдын бооруна эки-үч мык кагып, кийимкечесин илди* («Ала-Тоо»).

4. Белгилүү бир жердин аймагы, айланасы, өрөөнү. *Чүй боору.* [*Токтогул*] *Өзүнүн күүлөрүн Анжиян боорундагы кыргыздарга таркатып кетти* (Бөкөнбаев).

5. *өт.* Жакын, тууган, тукуму, теги бир. *Бир боор элбиз, жакынбыз* («Ала-Тоо»). *Далай таттуу даам жедим колуңдан, Кем көрбөдүң өз бир туган бооруңдан* (Осмонов).

◆ **Бооруна тартуу** — өзүнө жакындатуу, жакын кылуу. **Боор толгоо** *к.* **толго. Боору таш же таш боор** — катаал, ырайымы жок, ырайымсыз, кара мүртөз. *Душман ырайымсыз жана таш боор* (Сыдыкбеков). *Пайда кылбайт кедейге Бай-манаптын боору таш!* (Тоголок Молдо). **Боору катуу** — 1) таш боор, бирөөгө боору оорубаган; 2) бойго жетүү, баралына келүү, толуу. *Азыр бооруңар ката элек балапансыңар* (Бейшеналиев); 3) аябай күлүү, күлкүсү тыйылбоо. **Боор көтөрүү** — чоңоюу, өсүү, бойго жетүү. **Көк боор** — курсак көндөйүнүн сол жак үстүнкү бурчунда жатып, кан шариктерин бөлүп чыгаруучу орган. **Кара боор** — тез учуучу боору кара илбээсин куш.

БООРДОШ *сын.* Бир боор, туушкан, жакын. *Боордош элдер. Бир боордоштор.*

БООРДОШТУК *зат.* Бир тууғандык, бир боордук.

БООРКЕЧ *сын.* Боорукер. *Эң биринчи бооркеч кыши эле* (Үмөталиев).

БООРСОК *зат.* Көбүнчө ачыган камырдан төрт чарчы же сүйрүрөөк майда кесилип, майга бышырылган нан. *Жамила дасторкон жайып,.. боорсок салды* (Баялинов).

БООРТКО *зат.* Баланын колу-бутун ороп, сыртынан таңа турган бешиктин боолору.

БООРТОКТО *этиш.* Үстөмөнүнөн түшүп жатуу, үстөмөндөп жылуу. *Токтогул эки муштумун чекесине такап боортоктоп сунала кетти* (Аалы). *Кашаба каадасынча боортоктоп, эч кимди тоотпой жатат* (Каимов).

БООРТОКТОО боортокто этишинин кыймыл атоочу.

БООРУКЕР *сын.* Кайрымдуу, мээримдүү, адамдын көңүлүн калтырбаган. —*Капырай, мындай боорукер баланы кайдан тапкансыңар?* (Аалы). *Майлыбай боорукер, жумшак мүнөз, баланы сүйгөн, акылы тетик киши болчу* (Абдумомунов).

БООРУКЕРЛИК *зат.* Кайрымдуулук, мээримдүүлүк, бирөөгө боору ооругандык жаны ачыгандык. —*Боорукерлик адамдын абдан жакшы белгиси* (Жантөшев). *Анын сергектигин, боорукерлигин айтпа* (Каимов).

БООЧУ *зат.* Үй тиричилигине жана башка нерселерге керектелүүчү жип-шуу.

БОР I *зат.* Химия өнөр жайында, резина ж. б. өндүрүү иштеринде колдонулуучу жумшак, акиташ сыяктуу зат; ушул заттын жазуу, бир нерсени тазалоо, актоо, ж. б. үчүн колдонула турган майда ак порошогу же уютулган катуу бөлүктөрү.

БОР II *зат.* Семирген, согумга байланган мал; союла турган малды, согумду байлап семиртүүчүлүк. *Борго байлоо. Тогоно бээ бор алып* («Саринжи — Бөкөй»).

БОР III: бор-бор этүү — борк-борк эткен дабыш менен кайноо, боркуроо.

БОРБАШ *зат.* Таранчылар түркүмүнө кирүүчү майда канаттуулар жана курткумурскалар менен тамактануучу жырткыч куш. *Мен акырында борбаштын баласын бактым* (Каимов).

БОРБОГОЙ *сын.* Борбойгон, борбоюп турган. [*Ырайымжан*].. *мурду борбогой, денеси толмоч, кара жигит* («Ала-Тоо»). *Борбогой мурун, эзги узун, Кош таноосу дердейип* (Осмонкул).

БОРБОЙ *этиш.* Барбаюу, барбагай тартуу. [*Кара баланын*].. *артынан борбойгон керсары бала да колун узатты* (Бейшеналиев).

БОРБОР *зат.* 1. Ордонун хан, чүкө салуучу жери (тегерек сызыктын ортосу).

2. Бир нерсенин чок ортосу, орто элүгү; тегеректин борбору.

3. Өкмөт жана өкмөттүк мекемелер тогган мамлекеттин негизги шаары. *Борборубуз — Фрунзе шаары. Борбор шаарлар.*

4. *өт.* Бир нерсенин негизи, чордону. *Алдыңкы тажрыйбаны пропагандалоо маселеси партиялык уюмдун көңүлүнүн борборунда турат* («Коммунист»). *Эзн жатуучу коолору Эми эмгектин борбору* (Үсөнбаев).

БОРБОРДУК *сын.* Борборго таандык.

БОРБУЙ *зат.* Жука чурай, чап. *Маралчы узатпай жетип, борбуйдан алып ыргытты эле, карышкыр башы менен жер сүздү* (Бектенов). *Бир ит келип карышкыр менен кармашты, Борбуйдан алып, коё бербей жармашты* (Борбугулов).

◆ **Борбуй эти ката элек** — өсүп жетиле элек, бойго жетпеген, эр жетпеген. *Борбуй этим ката электе оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев).

БОРБУЙЛА *этиш.* Борбуйдан алуу; жука чурайга чабуу (көбүнчө атты камчы менен).

БОРБУЙЛАТ борбуйла этишинин аркылуу мамилеси.

БОРБУЙЛОО борбуйла этишинин кыймыл атоочу.

БОРГУЛДАН *этиш.* Көл-шал түшүп тердөө, алка-шалка болуу. [*Шарип*].. *терцил неме кысымга киргенде аябай боргулданган* (Бейшеналиев).

БОРГУЛДАНТ **боргулдан** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРГУЛДАНУУ **боргулдан** этишинин кыймыл атоочу.

БОРДО I *этиш.* Малды согумга байлоо, аябай семиртүү.

БОРДО II *этиш.* Актоо, агартуу. *Үзүгүн аппак бордогон, Этегин чачы тордогон* (Тоголок Молдо).

БОРДОКУ *зат.* Борго байланган, семиртилген мал.

БОРДОО **бордо** этишинин кыймыл атоочу.

БОРДОТ **бордо** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРДУУ *сын.* Бору бар, бору көп. *Дондун жээгинде, бордуу дөбөнүн түбүндө кичине гана темир жол станциясы турат* (Бөкөнбаев).

БОРЖОЙ *этиш.* Барбайып, борбоюп көрүнүү. *Боржойгон киши.*

БОРЖОК *зат.* Ак баржак, көбүк.

БОРЖОКТО *этиш.* Көбүрүп-жабыруу, ашып-ташуу. [*Микола-Аскер*].. *боржоктогон көбүккө кызыгат* (Сыдыкбеков).

БОРЖОКТОО **боржокто** этишинин кыймыл атоочу.

БОРЖОКТОТ **боржокто** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРЖОМ *зат.* Дарылыгы бар минералдуу суу.

БОРК: борк-борк этүү — боркулдап кайнаган дабышты билдирүүдө колдонулат. *Борк-борк кайноо. Борк-борк этүү.*

БОРКОК *зат.* 1. Кийимин булгап койбос үчүн жаш балдардын көкүрөгүнө тагыла турган көкүрөкчө. *Боркок тагынган бала.*

2. Торпокторго энесин ээмп койбос үчүн мурдуна тагылуучу төрт чарчы кылып жасалган тактайча же жылкынын туягы. *Быйыл түштү жаңыдан, Мурдуңдагы боркогуң* (Тоголок Молдо).

БОРКУЛДА *этиш.* Борк-борк этүү, борк-борк этип кайноо. *Чүйгүндөлүп салынган эт боркулдап кайнай баштады* (Жантөшөв).

БОРКУЛДАТ **боркулда** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРКУЛДОО **боркулда** этишинин кыймыл атоочу.

БОРОЗ I *зат.* Кош айдаганда соко жүрүп кеткен жол, соконун жерди кантарып кеткенден кийинки изи.

БОРОЗ II *зат:* Көзүр эмес, жөнөкөй карта.

БОРОЙ I *зат.* Бурганак, бороон. *Дайым шамал, анда дайым ышкырык, Кээде борой, балким, анын сыры бар* (Аалы).

БОРОЙ II: ат бороюн сыдыруу — бүт кыдырып чыгуу. *Ат бороюн сыдырып, Дүйнө жүзүн чалчу экен* («Манас»). *Ат бороюн сыдырып, Жердин баарын кыдырып* («Эр Төштүк»).

БОРОЙЛО *этиш.* Кар, шамал аралаш бурганактоо. *Бүдүң-чаң түшүп, бороону боройлой берди* (Убукеев). *Кар боройлоп, шумдуктуу бороон чар тараптан сокту* (Жантөшев).

БОРОЙЛОО **боройло** этишинин кыймыл атоочу.

БОРОЙЛОТ **боройло** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРООН *зат.* Кар аралаш соккон катуу шамал. *Бороон улам күчөйт* (Жантөшев). *Ышкырган бороон дале басылган жок* (Сасыкбаев).

БОРООНДО *этиш.* Бороон болуу. *Кар бороондоп жаады.*

БОРООНДОО **бороондо** этишинин кыймыл атоочу.

БОРООНДОТ **бороондо** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРООНДУУ *сын.* Бороон-чапкын болгон. *Бороондуу түнгө бой бербей, Биздин да иштер кезибиз* (Маликов).

БОРОСТОЙ *сын. сүйл.* Жөнөкөй, жупуну. *Боростой эле жүрөт.*

БОРОШО *зат.* Бороондоп жааган, бороон учуруп келген кар. *Бороон улуп, борошо учуп турат* (Сыдыкбеков). *Борошо баскан ичке кыя менен үчөө жүрүп олтурушту* (Баялинов).

БОРОШОЛО *этиш.* Борошо болуу. *Кары калыңдап, бороону борошолой берди* (Убукеев). *Жол көрүнбөй мелтиреп, Борошолоп шыбыргак* («Эр Табылды»).

БОРОШОЛОО **борошоло** этишинин кыймыл атоочу.

БОРОШОЛОТ **борошоло** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРОШОЛУУ *сын.* Борошо болгон. *Борошолуу шамал ышкырынып, сым карагайлар.. ырдагандай дыңылдайт* (Сасыкбаев).

БОРПОҢ *сын.* Көпшөк, бош, кайраты жок. *Колунан иш келбеген кайратсыз борпоң адам. Бул.. борпоң топуракты буруксутуп, ат-арабанын көп жүргөнүн баяндайт* (Сыдыкбеков).

БОРС *туур.* Күлгөндө же ит үргөндө чыккан дабыш. Окжетпес.. борс-борс үрүп коёт (Сыдыкбеков). *Акман маашырканын борс-борс күлдү* (Сыдыкбеков).

БОРСОГОЙ *сын.* Борсойгон тоголок.

БОРСОЙ *этиш.* Тоголок чымыр болуп көрүнүү. *Кызын кучактап, моокуму кангандан кийин, борсоюп уктап жаткан Тараска бурулду* (Убукеев). *Мурду боорсоктой борсойгон кичинекей кызыл тоголок бала* (Сыдыкбеков).

БОРСОЙТ **борсой** этишинин аркылуу мамилеси.

БОРСОЮУ **борсой** этишинин кыймыл атоочу.

БОРСУ *этиш.* Жыттанып бузулуп кетүү, сасый баштоо (мис., эт же башка тамак-аш).

БОРСУЛДА *этиш.* Борс-борс этип күлүү же үрүү. *Тышта тынбай сары күчүк борсулдайт* («Ала-Тоо»). *Чүкөбай борсулдап күлдү* (Баялинов).

БОРСУЛДАТ борсулда этишинин аркылуу мамилеси.

БОРСУЛДОО борсулда этишинин кыймыл атоочу.

БОРСУТ борсу этишинин аркылуу мамилеси.

БОРСУУ борсу этишинин кыймыл атоочу.

БОРТ *зат.* 1. Кеменин каптал жактарынын үстүнкү кыры жана жалпы эле капталдары.

2. Автомобилдин кузовунун, товар салынчу ачык вагондордун, самолёттун ж. б. капталдары.

БОРТМЕХАНИК *зат.* Учкучтар экипажынын составына кирүүчү жана приборлордун, аппараттардын, мотордун иштери жана алардын жабдылышы боюнча милдеттүү адам.

БОРТОШО *зат.* Этин куурдактан чоңураак туурап, сорполуу бышырылган тамак.

БОРУГУУ борук этишинин кыймыл атоочу.

БОРУК I *зат.* Эки жаштагы эркек кой.

БОРУК II *этиш.* Демигүү, демигип көл-шалга түшүү. *Жабуусуна боруккан баланын үнү угулуп, термелген бешик кычырайт* (Жантөшев). [*Динар*].. *тентек эми.. чуркайт. Боругуп калар бекен* (Сыдыкбеков).

БОРУЛДА *этиш.* Бор-бор этүү, бор-бор этип кайноо, боркуроо. *Борулдап казан кайнаса, Оттун көркү жайында* («Мендирман»).

БОРУМ *зат.* Тышкы көрүнүш, түр, келбет, тулку. *Боруму, кыргыз боз үйдөй. Борумуңдан, боз бала, Боздотпочу садага!* (Осмонов).

БОРУМДА *этиш.* Кооздоо, сулуулоо. *Борумдап сайган туш кийиз. Кыздары сулуу көрүнөт; Кызыл жоолук салынса, Кулагына борумдап, Алтын сырга тагынса* (Осмонкул).

БОРУМДАТ борумда этишинин аркылуу мамилеси.

БОРУМДАШ борумда этишинин кош мамилеси.

БОРУМДОО борумда этишинин кыймыл атоочу.

БОРУМДУУ *сын.* Келбеттүү, сындуу. *Кыз борумдуу.. кызыл-тазыл кийимден келиштирип кийинген* («САЖИ»).

БОРЧ *зат.* Насыя, карыз, бересе. *Бирине бири саламдан башка борчу жок* (Сыдыкбеков). *Дыйкандын түбү — кенч, Соодагердин түбү — борч* (макал).

БОРЧО: борчо-борчо — бөлүк-бөлүк, кесинди, бөлөк-бөлөк. *Этти борчо-борчо кылып сал.*

БОРЧОЛО *этиш.* Бөлөк-бөлөк кылып бөлүү, борчо-борчо кылуу. *Борчологон эт. Этти борчолоп сал.*

БОРЧТОН *этиш.* Карыздануу, насыя болуу, бересе болуу.

БОРЧТОНТ борчтон этишинин аркылуу мамилеси.

БОРЧТОНУУ борчтон этишинин кыймыл атоочу.

БОРЧТУУ *зат.* 1. Карыздар, насыялуу, береселүү.

2. Милдеттүү, тийиштүү. *Кызыл Аскердин керегин берип, кемтигин толтурууга борчтуубуз!..* (Сыдыкбеков).

БОРЧУК *зат.* Уруйган, учтары чыккан арсак-тересек зоока таштар, аскалар. *Биз тетиги борчукка барсак, кандай болот* (Таштемиров). *Мен тетиги борчуктун шилисине барып отурдум* (Жантөшев).

БОРЧУКТУУ *сын.* Борчугу бар. *Майдараак борчуктуу кумай сымал беттеги бетегелерди оттоп жүрдү* («Советтик Кыргызстан»).

БОРЩ *зат.* Тууралган капуста, кызылча ж. б. катыштырып, бир катар башка татымал кошуп жасаган суюк тамак.

БОСОГО *зат.* 1. Эшиктин каалга бекитилген жыгачы, кашеги. *Жусуп эмне кыларын билбей, босогого сүйөнүп көпкө турду* (Абдумомунов). *Анархан кирип келе босогону карап, бир аз тура калды* (Жантөшев).

2. Иреге, эшик алды. *Болот босогодон аттабай жатып путёвкасын көрсөттү* (Каимов).

БОСОГОЛОШ *сын.* Эшиктеш, жакын. *Алар бири-бирине босоголош конушту.*

БОСОГОЛУУ *сын.* Босогосу бар. *Босоголуу боз үй.*

БОСТЕК I *зат.* Кыргоолдун ургаачысы. *Типтик учуп зыркырап, Учуп калды чоң бостек* («Семетей»).

БОСТЕК II *зат. диал.* Көлдөлөң. [*Сейде*] *Эски бостекти сүйрөп келип, мукул тыттын көлөкөсүндөгү таардын үстүнө жая салды* (Касымбеков).

БОСТОК: үстөкө-босток *к.* **үстөкө.**

БОСТОН *зат.* 1. Жогорку сапаттуу сорттогу жүндөн токулган костюмдук кездеме. *Бостондон тигилген костюм.*

2. Бий, жай жүрүп бийлеген вальстын түрү.

БОТАЛА *сын.* Булганч, булганган, кир.

БОТАНИК *зат.* Ботаника боюнча адис.

БОТАНИКА *зат.* Өсүмдүктөр жөнүндөгү илим.

БОТАНИКАЛЫК *сын.* Ботаникага таандык.

БОТКО *зат.* Таруудан, коноктон, күрүчтөн, крупадан, кесек тартылган жүгөрүдөн, арпадан ж. б. жасалган коюу тамак. *Жүгөрү ботко. Тоуу ботко.*

БОТКОЛОН *этиш.* Ылайлануу, кирдөө (суу жөнүндө). *Суу ботколонуп кетти.*

БОТО I *зат.* 1. Төөнүн тайлакка чейинки жаш төлү.

2. *өт.* Бала. *Жалгыз ботоң Шайымбет, Жалдыраптай келбедиң* («Эр Табылды»). *Ушунетип жан ботоң Ааламга даңкың жайбайбы* («Мендирман»).

◆ **Ботодой боздоо** — кейиштүү, муңдуу үн менен боздоп ыйлоо, өксөө, зар какшоо. **Бото көз** — жоодураган, бадырайган чоң көз. *Ак маңдайлуу, бото көз* (Осмонкул). *Турна моюн, бото көз Турчу эле кетпей жанымдан* (Токтогул).

БОТО II: бото кур — моюнга салынуучу же белге байланыучу кур. *Саймалуу калпак, бото кур* («Манас»). **Бото салынуу** — жан соогалоо, кечирим суроо. *Алмамбет турду жалынып, Мойнуна бото салынып* («Манас»).

БОТОЙ I *зат.* Бото (эркелетүү маанисинде). *Эки эмчегим тирсейтип, Эмизбедим ботойду* (Тоголок Молдо).

БОТОЙ II *этиш.* Топоюу, бойтоюу. *Экөө кол кармашып ботоюп, кулач уруп баратат* (Ашубаев).

БОТОЙТ ботой этишинин аркылуу мамилеси.

БОТОМ *сырд.* Таң калганда, чоочуганда, сүйүнгөндө же бирөөнү эркелеткенде айтылат. *Ботом,.. берегинин көйнөгү башка да* (Сыдыкбеков).

БОТОЧУК *зат.* 1. Кичинекей бото. *Боточук жок ойногон Үкүлөп шуру тагыныл* («Мендирман»).

2. *өт.* Бала (эркелетүү маанисинде).

БОТОЮУ ботой этишинин кыймыл атоочу.

БОТЫ *зат.* Туфлинин, ботинканын сыртынан кийүү үчүн резина же кийизден жасалган кончтуу бут кийим.

БОЦМАН *зат.* Флотто чарбалык иштерин башкаруучу кенже командир.

БОЧКА *зат.* Цилиндр формасындагы түптүү, алкагы бар жыгач же темир челек.

БОШ *сын.* 1. Ээн, куру бекер. *Кызыл үйдүн ичи каңгырап бош* (Баялинов). *Бош жүрүү. Бош убакыт.*

2. Начар, кайратсыз, борпоң. *Биздин элдин жигиттери Кайраты жок бош болбойт* (Нуркамал). *Уулум бош чыгып калды көрүнөт* («Жаш ленинчи»).

3. Бошоң, бири-бирине бирикпеген, катпаган. *Топурагы бош экен, оңой эле казып коюуга болот* («Жаш ленинчи»).

БОШКО *такт.* Бекерге, курулай, кур бекер. *Каныбектин үмүтү бошко чыкты* (Жантөшев).

БОШО *этиш.* 1. Кутулуу, эркиндик алуу, бош болуу. *Алыстан бошоп туткундан, Адашып кетип барамын* (Токтогул).

2. *өт.* Начарлануу, алсыздануу, алы кетүү. *Мууну бошоду. Шайы бошоду.*

БОШОН бошо этишинин өздүк мамилеси.

БОШОҢ *сын.* Бош, начар, алсыз, кубатсыз, борпоң. *Кени уратылган жердин төбөсү бошоң болгондуктан, тирелген карагай баганалар жоон экендигине карабастан.. күү дей түштү* (Сасыкбаев). *Өмүр.. калтыраган үнүн бошоң чыгарды* (Жантөшев).

БОШОҢДО *этиш.* Бошоо, начарлоо, алсыздануу, кайраты качуу. *Эх жер ай.. жерин эри сагынганбы?.. Бошоңдоп анын мүүн тамырлары?* (Осмонов).

БОШОҢДОО бошоңдо этишинин кыймыл атоочу.

БОШОҢДОТ бошоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

БОШОҢДУК *зат.* Начарлык, алсыздык. *Бошоңдук кылсаң, сен бул ишти аткара албайсың* («Чалкан»).

БОШОО бошо этишинин кыймыл атоочу.

БОШОТ бошо этишинин аркылуу мамилеси.

БОШТОН *сын.* Бош, бекер; эркин.

БОШТОНДУК *зат.* Эркиндик, азаттык, тендик, өз эрки өзүндө болуучулук. *Өзүмдү бир бештондукка чыга түшкөндөй сездим* (Элебаев). *Панардай жанып бештондук, Бактыбызга туулду. Кандай аял тууду экен Лениндей уулду!* (Токтогул).

БОШТОНЧУЛУК бештондук менен бирдей.

БОШТУК *зат.* Ээндик, куру, бош жаткан мейкиндик. *Унчукпай, ой кайыгын минип алып, Учурду кең бештукка керметин* (Аалы).

2. Алсыздык, начардык, бошоңдук.

БОШЧУЛУК *зат.* Бекерчилик, иш кылбоочулук, бекер басып жүрүүчүлүк.

БОЯРИН *зат.* 1. Москва Русунда жогорку наам жана ошол наамды алып жүрүүчү адам.

2. Байыркы Рустагы (Москва мамлекетинин түшундагы) ири жер ээлөөчү, үстөмдүк кылуучу таптын жогорку катмарынын өкүлү.

БӨБӨК *зат.* Жаш бала; эмчектеги бала (улуу агасына же эжесине карата). *Кенже бөбөктөргө арналган аңгемелер. Абыл бөбөгүнүн илебин кайтарчу эмес* (Таштемиров). *Адыл бөбөгүн терметип, энесине жардам берет* («Жаш ленинчи»).

БӨГӨ I *зат.* Чүкөнүн үстү, жон жагы, көмкөрөсүнөн түшкөндөгү абалы.

БӨГӨ II *этиш.* Тосуу, торгоо, тоскоолдук кылуу, коё бербөө, өткөрбөө. *Жолду бөгөп калуу. Сууну агызбай бөгөп салуу.*

БӨГӨЛ бөгө этишинин туюк мамилеси.

БӨГӨНӨК *зат.* Малдардын каныш соруучу чоң чымын. *Баятадан бери аттардын мурдуна кире калып, курсагына жабышып чагып, тынчын кетирген бөгөнөктөрдүн эми бири да жок* (Байтемиров).

БӨГӨӨ бөгө этишинин кыймыл атоочу.

БӨГӨӨЛ бөгөт менен бирдей.

БӨГӨТ *зат.* Тосмо, тоскоол. *Жүрүүгө бөгөт болгон мурунку дөң, тумшуктардын дайны жок* (Баялинов). *Сенин бактыңа бөгөт болоюн деген менде такыр ой жок* (Баялинов).

БӨГӨТ бөгө этишинин кош мамилеси.

БӨГҮҮ бөк этишинин кыймыл атоочу.

БӨДӨНӨ *зат.* Канаттары учтуу, куйругу кыска талаа келгин кушу. *Окжетпес.. бөдөнө учурду* (Сыдыкбеков). *Бөдөнөнүн үйү жок, кайда жүрсө бытылдык* (макал).

◆ **Бөдөнөнүн сүтү** *к.* **сүт I.**

БӨДРӨТ *зат. сүйл.* Бирөөнүн заказы (тапшыруусу) боюнча бир жумушту белгилүү акы алып иштөөгө берилген милдеттенме жана да ошол милдеттенме боюнча иштелүүчү жумуш.

БӨДРӨТЧҮ *зат. сүйл.* Бөдрөт боюнча иштөөчү курулуш мекемеси же айрым адам.

БӨЖӨЙ *этиш.* Бүрүшүү, бүжүрөө, бөкчөйүү. *Назгүл.. бөжөйүп ак жакалуу жууркан ичинде* (Бейшеналиев).

БӨЖӨЙТ бежөй этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЖӨЙҮҮ бөжөй этишинин кыймыл атоочу.

БӨЖӨК *зат.* Коёндун баласы. *Бөжөгүнө коён да өмүр тилейт* (Үмөталиев).

БӨЖӨКТӨ бөжөндө менен бирдей.

БӨЖӨҢ: бөжөң-бөжөң этүү — бөйпөңдөө, кедең-кедең жүрүү, басуу.

БӨЖӨҢДӨ *этиш.* 1. Бөжөң-бөжөң этүү, бөжөктөө.

2. Кошомат кылуу, кошоматчылыкка бирөөнүн кызматын кылып, эпилдеп туруу.

БӨЖӨҢДӨӨ бөжөңдө этишинин кыймыл атоочу.

БӨЖӨҢДӨТ бөжөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЖҮ *этиш.* Майдалап катуу жорголоо. *Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт* (Бейшеналиев).

БӨЖҮРӨ *этиш.* Кыбырап жай басуу, акырын жүрүү. *Ырас айтат, кичинекей эме бөжүрөп, жай басканча, чоң балдар кыйла кырдан аша чабар* (Таштемиров). *Бөжүрөгөн балдарды, бөкчөйгөн кемпир, чалдарды атка, уйга мингизишип, жөөжалаң жөнөп калышты* (Жантөшев).

БӨЖҮРӨӨ бөжүрө этишинин кыймыл атоочу.

БӨЖҮРӨТ бөжүрө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЖҮТ бөжү этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЖҮҮ бөжү этишинин кыймыл атоочу.

БӨЗ *зат.* Кебезден колдо токулган кездеменің бир түрү, мата. *Ушул бир чарчы бөздү алып калганымда байып кетет белем?* (Сыдыкбеков).

БӨЗЧҮ *зат.* Бөз токуй турган киши.

БӨЙДӨ бөздө менен бирдей.

БӨЙӨН: бөйөн-чаян *зат.* Кургакта жашоочу жөргөмүш мисалдуу зыяндуу, уулуу жандык. *Ал жерде бөйөн-чаяндар Жана жылан кабылат* («Мендирман»). *Кара курт, бөйөн-чаяндан Башканын жүрөр жөнү жок* . («Мендирман»).

БӨЙПӨКТӨ бөйпөңдө менен бирдей.

БӨЙПӨКТӨӨ бөйпөктө этишинин кыймыл атоочу.

БӨЙПӨКТӨТ бөйпөктө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЙПӨҢ бөйпөң-бөйпөң — арышын кыска таштап бөжөндөгөн кыймыл.

БӨЙПӨҢДӨ *этиш.* 1. Бөйпөң-бөйпөң этүү. *Бөйпөңдөп элпек баладай жүрөт* (Аалы).

2. *өт.* Бөжүрөп бирөөгө жагынуу, кошомат кылуу. *Чегиртке ансайын бөйпөңдөй берди* (Сыдыкбеков). *Миң башынын алдында бөдөнөдөй бөйпөңдөп, кошомат кылып жатпайбы!* (Абдукаримов).

БӨЙПӨҢДӨӨ бөйпөңдө этишинин кыймыл атоочу.

БӨЙПӨҢДӨТ бөйпөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЙРӨК *зат.* 1. Адамдын, жаныбарлардын заара бөлүп чыгаруучу органы.

2. Каптал, туш. *Бөйрөгүн таянуу.*

◆ **Бөйрөгүмдү чабайын** — балдарга, кичүүлөргө карата жалынуу, жалбаруу иретинде айтылат. **Бөйрөктөн шыйрак чыгаруу** *к.* **шыйрак.**

БӨЙРӨМЧӨ *зат.* 1. Көйнөктүн жака оюгунун астынкы ачыгын бастыра тигилген узун кыйыкча. *Марфа жеңе кагазды алып бөйрөмчөсүнө салып жиберчү* (Сасыкбаев).

2. Алгыр куштардын боосунун астына тагылуучу кездемеден жасалган шакекче.

БӨЙТӨЙ *этиш.* Томолок, бөйтөгөй тартып, татынакай көрүнүү. [*Славик*].. *бөйтөйүп, оозу ачылып, терең дем алгансыйт* (Бейшеналиев). *Сапар.. бөйтөйгөн эрдин тиштенди* (Бейшеналиев).

БӨЙТӨЙТ бөйтөй этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЙТӨЙҮҮ бөйтөй этишинин кыймыл атоочу.

БӨК I *этиш.* Буту-колун жыйрылта төмөн карап жатуу, бекинүү. *Бөдөнөчө бөгүп олтурбай, ак шумкарча чалкып уч* (Жантөшев).

БӨК II бөгө I менен бирдей.

БӨКӨ *зат.* Балбан, карылуу, кубаттуу адам. *Дөө жеңбеген бөкөдөн, Көптөн коркпос жекеден* («Манас»). *Бар бөкөлөр чогулуп, Алачык үйдөй бир башты Балбан таш кылып таштаган* («Манас»).

БӨКӨН I *зат.* Чөлдө, талаа жерлерде жашоочу тумшугу бүкүр, кыска, тик муйуздуу, ача туяк жаныбар, жапайы ак. *Жетимиш жигит кошчу алып, Кулан атып, бөкөн куун, Салбырынга барыптыр* («Манас»).

БӨКӨН II *зат.* Чачтын же жылкынын куйругунун арасына чыккан жоон чач, жоон кыл. *Чачынын бөкөнү көп болгон* (Жантөшев).

БӨКСӨ *сын.* 1. Толтура эмес, толу эмес, толо эмес. *Каныбек чоң аякка бөкө сорпону өзү көтөрүп,.. Жумага карай жө нөп калды* (Жантөшев). *Бийлетмек үчү сиз мага аякты бөксө сунуп кезек бердиңизби?* (Сыдыкбеков).

2. Тоо этектери; жапыз, жалпак тоонун үстү. *Кыштактын бир учу түштүк тарапка чоюлуп кетсе, бир учу бөксө тоонун этегине чейин барат* (Таштемиров). [*Колхоз*].. *кызыл топуракту бөксөнүн этегинде* («Ала-Тоо»).

3. Бир нерсенин этек жагы, ылдый жагы. *Айбанбоз менен калкылдап, Ак күбө тондун бөксөсү, Суу болуп шалпылдап* («Манас»).

БӨКСӨЛӨ *этиш.* 1. Тоонун бөксөсү менен жүрүү. *Жийдегүл.. бийик тоону бөксөлөй чаап бара жатты* (Сасыкбаев).

2. Койду союп, ичек-кардын алып, бөктөрүнүү. *Бөктөрүнчөгүндөгү бөксөлөгөн козунун этинен алып отко салды* (Жантөшев).

БӨКСӨЛӨӨ бөксөлө этишинин кыймыл атоочу.

БӨКСӨЛӨТ бөксөлө этишинин кош мамилеси.

БӨКСӨР *этиш.* Бөксө болуп калуу, азаюу, тартылуу. [*Кычан*].. *чакадагы бөксөргөн сууну көңтөрүп, такырга шаркыратып куюп жиберди* (Бейшеналиев). *Биздн тез келтиребиз десеңер, кампа бөксөрбөсүн* (Сыдыкбеков). [*Сансыздын*].. *көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

БӨКСӨРТ бөксөр этишинин аркылуу мамилеси.

БӨКСӨРҮҮ бөксөр этишинин кыймыл атоочу.

БӨКТӨР *этиш.* 1. Бөктөрүнчөктү ээрдин артына беките таңуу, эки башынан канжыга менен бекитип байлоо. *Экөөнө эки атты мингизип, эки ичикти бөктөрөлү* (Убукеев). *Чаначка кымыз бөктөрүп, куржунга эт, нан бышыртып алганбыз* (Бейшеналиев).

2. Илип, жерден эңип алуу. *Бөрүнү алат бөктөрүп, Бүркүттүн артык кайраты* (Барпы).

БӨКТӨРГӨ I бөктөрүнчөк менен бирдей.

БӨКТӨРГӨ II *зат.* Кулаалынын ургаачысы, бозомук ак жүндүү, анча чоң эмес жырткыч канаттуу. *Биз бөктөргөдөн коргологон чымчыктардын бетер жыш өскөн майда чырпыктардын арасына бут жашынып калдык* (Таштемиров). *Көкөлөп учуп көк көлгө, Көп айланат бөктөргө* (Бөкөнбаев).

БӨКТӨРГӨЛҮҮ *сын.* Бөктөрүнчөгү бар, бөктөрүнчөктүү. *Дөңгөлөгү бирин бири кубалап, Бөктөргөлүү велосипед чуркады* (Аалы).

БӨКТӨРТ бөктөр этишинин аркылуу мамилеси.

БӨКТӨРҮН бөктөр этишинин өздүк мамилеси.

БӨКТӨРҮҮ бөктөр этишинин кыймыл атоочу.

БӨКТӨРҮНЧӨК *зат.* Бөктөргө, ээрдин аркасына канжыга менен бөктөрүп алма бөктөрүлө турган буюм. *Бекемдеп бөктөрүнчөк бөктөрүнүп, Найзаны кыстарышкан дагы чатка* (Маликов). *Көк жамынчы кементай Бөктөрүнчөк бөктөрүп* (Тоголок Молдо).

БӨКТҮРМӨ *зат.* Карчыганын жер менен жер болуп чабыттап учушу.

БӨКЧӨГӨЙ *сын.* Бөкчөйгөн, бүкүрөйгөн, бүкчүйгөн, бүкүр.

БӨКЧӨЙ *этиш.* Бүкүрөйүп, бүкчүйүп туруу, карылыктан бөкчөгөй тартуу. *Алардын бөкчөйүп карып калгандыгын Андрей эми байкады* («Советтик Кыргызстан»). *Анда Зарыл эжекем, Касейин байкемдер бөкчөйүп карып калышат го* (Сыдыкбеков).

БӨКЧӨЙТ бөкчөй этишинин аркылуу мамилеси.

БӨКЧӨЙҮҮ бөкчөй этишинин кыймыл атоочу.

БӨКЧӨҢ: бөкчөң-бөкчөң этүү — бөкчөңдөп, бүкүрөйүп жүгүрүү, басуу.

БӨКЧӨҢДӨ *этиш.* Бөкчөң-бөкчөң этүү, бүкүрөндөө. *[Мыскал] бөкчөңдөп, Шекерди ээрчип алды* (Убукеев). *Күмүш бөкчөңдөп үйдөн чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

БӨКЧӨҢДӨӨ бөкчөңдө этишинин кыймыл атоочу.

БӨКЧӨҢДӨТ бөкчөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛ *этиш.* 1. Бөлүккө ажыратуу, бөлүк-бөлүк кылуу. *[Жума].. талды чот керки менен эки бөлүп, казык жасады* (Жантөшев). *Баласына алп куштун Ушу тургандай ажыдаар Алты бөлүп берейин* («Эр Төштүк»).

2. Үлөштүрүү, тийиштүү энчилерин ажыратып берүү. *Эмгек бөлдү. Энчи бөлдү.*

3. Ажыратуу, ажыратып чыгаруу. *Улунун үй-жайын өзүнчө бөлүп коюшту* («Ала-Тоо»). *Жакшымды алып, жаманымды бөлүп сал*(Осмонов).

4. Өгөйлөө, өзүнө кошпоо, жат көрүү. *Өз туганын бөлүп салып, жат кишиге мамиле кылган адамдар да болот*(«Чалкан»).

5. Үзүү, аягына чыгарбай, улантпай коюу. *Кемпирлердин эч кимиси карынын кебин бөлбөй, Камканы кадырлашат* (Сыдыкбеков). *Сырттан чыккан дабыш менин оюмду бөлүп, тынчымды ала баштады* («Ала-Тоо»).

6. Топтоо, бир багытка буруу (көңүлдү, ойду ж. б.). *Керез Кычандын киргенине анчейин көңүл бөлбөдү* (Бейшеналиев).

БӨЛДҮР бөл этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛКӨ *зат.* Формага салынып ачытып бышырылган нан.

БӨЛМӨ *зат.* Үйдүн, имараттын туштараптары дубалдар же башка нерселер менен тосулган айрым бөлүмү, жайы.

БӨЛМӨЛҮҮ *сын.* Бөлмөсү бар. *Беш бөлмөлүү үй.*

БӨЛӨ I *зат.* Кыз бир туугандардын балдары. *Ий, баягы бөлөм турбайбы!* (Жантөшев).

БӨЛӨ II *этиш.* 1. Жаш баланы бешикке жаткызып, ороп-чулгап таңуу. *Эне, мени эр болсун деп төрөдүң, Эркелетип ак бешикке бөлөдүң* (Осмонкул).

2. Ороп байлоо (мис., кармалган кушту).

БӨЛӨК *зат.* 1. Башка, жат, бөтөн. *Бул жерде бөлөк жан жок.*

2. Бөлүк, бөлүм. *Соотко тийген найзасы, Сексен бөлөк кыйрады* («Манас»). *Тытылып жаман чепкен бөлөк-бөлөк, Илинген көк тикенек арчасында* (Бөкөнбаев).

3. *өт.* Өзгөчө, айрыкча, башкача. *Жылкыдан бөлөк ал экен, Канаты бар мал экен* («Эр Төштүк»).

БӨЛӨКТҮК *зат.* 1. Башкалык, жаттык, бөтөндүк.

2. Өзүнчөлүк, айрыкчалык, өзгөчөлүк.

БӨЛӨКЧӨ *такт.* 1. Айрыкча, башкача. *Бөлөкчө кордук мен көрдүм, Боорумдан чыккан бала үчүн* («Манас»).

2. *өт.* Мыкты, сонун, өзгөчө, айрыкча. *Ошондо Айдаркан уулу эр Көкчө, Айбаты журттан бөлөкчө* («Манас»). *Көкөтөйдүн Бокмурун Бөлөкчө болчу санаасы* («Манас»). *Акылың артык бөлөкчө Терең эле, Жаныбек* (Барпы).

БӨЛӨН бөлө этишинин өздүк мамилеси.

БӨЛӨӨ бөлө этишинин кыймыл атоочу.

БӨЛӨТ бөлө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛП: бөлп-бөлп *туур.* Көбүнчө ээрге отургандагы бошоң, чыйрак эмес абалды билдирүүдө колдонулат. *«Чү» деп коюп бөлп-бөлп желип, шак-шак күлөт* («Советтик Кыргызстан»).

БӨЛТӨГӨЙ *сын.* Бөлтөйгөн, бөлтөйүп турган.

БӨЛТӨЙ *этиш.* Бүлтүйүп, дөмпөгөй тартып туруу, көрүнүү. *Алдынкы эрдин бөлтөйтө жүрүп отурду* (Жантөшев).

БӨЛТӨЙТ бөлтөй этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛТӨЙҮҮ бөлтөй этишинин кыймыл атоочу.

БӨЛТӨК *зат.* 1. Дөңгө окшогон кичине тоо; дөң, дөңсөө. *Ар жак жагын карасаң.. Бөлтөк-бөлтөк жер келет* («Манас»). *Боз ала чаңгыл боз бөлтөк* («Манас»).

2. Тоголоктошкон кичинекей кесек, бүдүр. *Жарманын бөлтөгү.*

БӨЛТҮРҮК *зат.* Карышкырдын баласы, бөрүнүн күчүгү. *Бөлтүрүктү ит деп бакпагын, Иттей болбойт кыялы* (Жантөшев).

БӨЛҮК *зат.* 1. Бир бүтүн нерсенин бөлүмү, бөлүндүсү. *Советтик көркөм чыгармачылыктын ажырагыс бир бөлүгү кыргыз совет искусствосу* (Аалы). *Запастык бөлүктөр да сатылып алынган* («Ала-Тоо»).

2. Белгилүү бир чыгарманын композициялык жактан ажыратылып турган айрым бөлүмдөрү, үзүндүлөрү.

БӨЛҮКЧӨ *зат.* 1. Кичинекей бөлүк.

2. *грам.* Сөздөргө, сөз айкалыштарына же бүтүндөй сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маани берүүчү көмөкчү сөз (да, го, эч, эң, гана, эле ж. б.).

БӨЛҮМ *зат.* 1. Бөлүк.

2. Мекеменин, башкаруу ишинин ж. б. белгилүү система боюнча бөлүштүрүлгөн айрым тармактары; бөлүктөрү. *Окуу бөлүмү. Кадрлар бөлүмү. Эл агартуу бөлүмү.*

БӨЛҮМЧӨ *зат.* Кичинекей бөлүм. *Ал ар бир бөлүмчөдө турган койлорду, козуларды карап баратты* (Жантөшев).

БӨЛҮН бөл этишинин өздүк мамилеси.

БӨЛҮНБӨС *сын.* Бирдиктүү, бүтүн, бөлүнүүгө мүмкүн эмес. *Колхоздун бөлүнбөс фондусу.*

БӨЛҮНДҮ *зат.* Бөлүнгөн, бөлүнүп калган, жыйынтыксыз, бириндеген. *Баланын көңүлү бөлүндү болуп калар бекен? — деди Бейше* (Убукеев). *Жалын ойноп чалдын эки көзүнөн Сөздүн шары боло калды бөлүндү* (Аалы).

БӨЛҮНТ бөлүн этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛҮНҮҮ бөлүн этишинин кыймыл атоочу.

БӨЛҮНҮҮЧҮ *зат.* 1. Бөлүнүп жаткан.

2. *мат.* Бөлүнгөн сан. *Орток бөлүнүүчү.*

БӨЛҮҮ бөл этишинин кыймыл атоочу.

БӨЛҮҮЧҮ *зат. мат.* Бөлүнүүчү санды бөлгөн сан. *Орток бөлүүчү. Эң кичине орток бөлүүчү.*

БӨЛҮШ бөл этишинин кош мамилеси.

БӨЛҮШТҮР бөлүш этишинин аркылуу мамилеси.

БӨЛҮШТҮРҮҮ бөлүштүр этишинин кыймыл атоочу.

БӨЛЧӨК *зат.* 1. Бөлүкчө, кичинекей бөлүк.

2. *мат.* Бирдиктин бир же бир нече барабар үлүштөрүнөн түзүлгөн сан. *Дурус бөлчөк. Буруш бөлчөк. Бөлчөктү кыскартуу.*

БӨЛЧӨКТҮҮ *сын.* Бир нече бөлүккө бөлүнгөн, майдаланган, бөлөк-бөлөк бөлүкчөдөн турган.

БӨӨДӨ *такт.* Бекер, курулай, бошко. *Убакытты бөөдө өлтүрбөй, экиден, үчтөн жөнөй бергиле* (Жантөшев). *Бөөдө кайгы.*

БӨӨТ: бөөт-чөөт — майда-чүйдасы, майда бөлүктөрү көп. *Түпкүрдөгү бөөт-чөөт бөлмөлөргө ээрчитип түшүп, складынан эки матрац алып берди.* (Бейшеналиев). *Бөөт-чөөт суу кечип, Адыр-күдүр жер басып* («Манас»).

БӨПӨ бөпү менен бирдей.

БӨПӨЛӨ *этиш.* Эркелетип, алпечтеп багуу. *Чаң жүгүзбай бөпөлөп, Күлүктөрдөй таптады* (Осмонкул). *Устабыз тарбиялап, Өнөр берген бөпөлөп* (Осмонкул).

БӨПҮ *сырд.* Алгыр куштарды үндөөдө, чакырууда айтылуучу сөз.

БӨПҮЛӨ *этиш.* Алгыр куштарды «бөпү, бөпү!» деп үндөө, чакыруу.

БӨПҮЛӨӨ бөпүлө этишинин кыймыл атоочу.

БӨПҮЛӨТ бөпүлө этишинин аркылуу мамилеси.

БӨРК *зат.* 1. Тебетей, баш кийим. *Көк сүлөөсүн бөрк кийген* («Манас»). *Кара чепкен, түлкү бөрк* (Осмонкул). *Баатырдын сындуу көрүнөт Кара барак бөрк менен* (Барпы).

2. Мыктын балка менен ура турган жагындагы тегерек башы.

◆ **Бөркүндөй көрүү** — сөзсүз болот, аткарылат деп ишенүү, кам санабоо.

БӨРСӨГӨЙ *сын.* Бөрсөйүп чыгып турган.

БӨРСӨЙ *этиш.* Дөмпөк болуп чыгып туруу, томпоюу.

БӨРСӨЙТ бөрсөй этишинин аркылуу мамилеси.

БӨРСӨЙҮҮ бөрсөй этишинин кыймыл атоочу.

БӨРТ *этиш.* Чоң-чоң кылып кесүү, керте-керте кесүү. *Этти майдалап туурай албай, бөртүп-бөртүп тим болду* («Ала-Тоо»).

БӨРТМӨ *зат.* Кээ бир кездемелин бетине, көбүнчө жоолукка салынган толкундуу жол. [*Бурулча*].. *бир бөртмө жибек жоолук.. алды* (Баялинов). [*Шамбет*] *Айганыштын ийнинен... түшүп кеткен ак бөртмөнү.. көтөрдү* (Сыдыкбеков).

БӨРТӨЙ: бөртөй-шөртөй — эптеме, болор-болбос. *Бөртөй-шөртөй кылып, арыбери бүтүрө салбайсыңбы* («Чалкан».)

БӨРҮ *зат.* 1. Карышкыр. *Бөрүнүн эки көзү ууда* (макал). *Бөлүнгөндү бөрү жейт* (макал).

2. Баатырларга берилген эпитет. *Умөтаалы эр эле, Кас санаган душманга Оозун ачкан бөрү эле* (Токтогул). *Кыйшыгы бар, эли бар, Кыңырлыгын түзөтөр Тозоктуу Жолой бөрү бар* («Манас»).

◆ **Карт бөрү — көптү көргөн, кексе, кагылган. Оозунан алдырган бөрүдөй болуу** *к. ооз.*

БӨТӨГӨ *зат.* Канаттуунун тамак синирүүчү органы. *Кыргоолдун бөтөгөсү. Тооктун бөтөгөсү.*

БӨТӨЙ бөйтөй менен бирдей.

БӨТӨЛКӨ бутылка менен бирдей.

БӨТӨН *такт.* Бөлөк, чоочун, өзгө, жат. *Бөтөн эл. Бөтөн адам.*

БӨТӨНДҮК *зат.* Бөлөктүк, өзгөлүк, чоочундук.

БӨТӨНСУ *этиш.* Чоочунсуу, жат көрүнүү, бөлөксүнүү.

БӨТӨНСҮН бөтөнсү этишинин өздүк мамилеси.

БӨТӨНСҮТ бөтөнсү этишинин аркылуу мамилеси.

БӨТӨНСҮҮ бөтөнсү этишинин кыймыл атоочу.

БӨТӨНЧӨ *такт.* Өзгөчө, башкача, айрыкча, бөлөкчө. *Жумагүлдүн көзүнө Ормош бүгүн бөтөнчө көрүндү* (Байтемиров).

БӨТӨНЧӨЛҮК *зат.* Өзгөчөлүк, башкачалык, башкалардан айырмалуулук. *Кез-кезинде карылардын жүзүнөн Бөтөнчөлүк түшө калса көзүмө, Мен жолуккан карыянын элеси Келе калчу кадимкидей эсиме* (Аалы). *Өздөрүнүн бөтөнчөлүктөрүн таанытканы жатат* (Аалы).

БӨФ *сырд.* Жаман жыт болгондо жийиркенүүнү билдирүүчү сөз.

БРАГА *зат.* Пивонун бир түрү.

БРАК *зат.* Кемтиги бар, толук жарактуу болуп чыгарылбаган товар; иштин, чыгарылган товардын кынтыгы.

БРАКОВЩИК *зат.* Бракка чыгаруучу адис.

БРЕЗЕНТ *зат.* Суу өтпөй турган калың кендир кездеме. [*Шахтёрлордун*].. *кийгени резина өтүк, брезент шым, катуу каска* (Сасыкбаев). *Түнү бою брезентти дабырттатып сабалаган жаан.. уйку бербеди* (Бейшеналиев).

БРИГАДА *зат.* Белгилүү өндүрүш тапшырмасын аткаруу үчүн бириккен жумушчулар, колхозчулар, кызматчылар коллективи. *Тоют бригадасына жайыттарды тартипке келтирүү жана кеңитүү милдети да жүктөлсүн* (Убукеев). *Ар бир бригада, айрым жумушчулар жеңиш вахтасына турушту* (Сасыкбаев).

БРИГАДИР *зат.* Бригаданын башкаруучусу, жетекчиси. *Тарас жумушчулардын бригадири болуп дайындалды* (Сасыкбаев).

БРИЛЛИАНТ *зат.* Кырдалып жылмаланган кымбат баалуу алмаз таш.

БРОНЕВИК *зат.* Замбирек, пулемёт менен жабдылган, брондолгон автомобиль. *Броневиктен көтөрүлүп: «Жашасын социалисттик революция!» — деп Ленин жар салганда, Андрей да.. үнүнүн бардыгынча ураалаган* (Сасыкбаев).

БРОНЕМАШИНА *зат.* Брондолгон согуш машинасы.

БРОНЗА *зат.* Коло, коргошун жана башка металлдар менен бирге эритилген жез.

БРОНЯ 1. *зат.* Бирөөгө арнап бекитүү, башкаларга тиешелүү кылбоо жолу жана ошону билдирүүчү документ.

2. Согуштук автомобилдин, кеменин, поезддин ж. б. октон, снаряддан сактай турган болот калканчы.

БРОНЯЛУУ *зат.* Бронясы бар, брониланган.

БРОШЮРА *зат.* Катуу мукабасы жок кичине китепче.

БРУЦЕЛЛЁЗ *зат.* Кой, эчки, чочко жана уйда болуучу, ошондой эле адамдарга да жугуучу жугуштуу оору.

БУ бул менен бирдей.

БУБАК *зат.* Тумандуу суукта кыроо сыяктуу түшкөн үлпүлдөк жука кар. *Бубактан көйнөк кийген даректар* (Абдукаримов). *Тарастын аты бубактуу таноосун кыймылдата окуранып алды* (Сасыкбаев).

БУБАКТУУ *сын.* Бубак баскан, бубак каптаган.

БУГУ *зат.* 1. Ача туяктуу, мүйүзү бутакталган кепшөөчү жаныбар. *Бугу атуугa даярданып жатасыңарбы?* (Аалы). *Тоо эчки, кийик, марал, бугу өңдүү кайберендер.. жайылып жүрчү* (Сасыкбаев).

2. Элдик календарь боюнча төртүнчү айдын аты.

БУГУЧАР *зат.* Жаш, кичине бугу.

БУДАЛА *этиш.* 1. Уйпалоо, уйпалай кармоо, ары-бери оонатуу.

2. *өт.* Жок кылуу, көзүн тазалоо. *Узап кете электе үч айылдан үч жигит жете барсын да, көзүн будалап, жар көчүрүп таштап келе беришсин* (Убукеев).

3. *өт.* Эптеп бүтүрө салуу, будамайлоо.

БУДАЛАН будала этишинин өздүк мамилеси.

БУДАЛОО будала этишинин кыймыл атоочу.

БУДАМАЙЛА *этиш.* 1. Алдоо, алаксытып, эбин таап алдап кетүү. *Эми эле Ажар жеңемдин көзүн будамайлап койгом* («Ала-Тоо»).

2. Будалоо, будалап бүтүрө салуу.

БУДАМАЙЛАН будамайла этишинин өздүк мамилеси.

БУДАМАЙЛАТ будамайла этишинин аркылуу мамилеси.

БУДАМАЙЛОО будамайла этишинин кыймыл атоочу.

БУДАМАЙЛЫК *зат.* Будамайга салуучулук, көз боёчулук.

БУДДИЗМ *зат.* Биздин доорго чейинки VI кылымда Түндүк Индияда пайда болуп, кийин Тибетке, Монголияга, Бирмага, Японияга, жана да Чыгыштын айрым өлкөлөрүнө тараган дин.

БУДДИСТ *зат.* Буддизмге берилген, ишенген адам.

БУДИЛЬНИК *зат.* Белгиленген убакта шыңгырай турган саат.

БУДКА *зат.* Часовойлор, күзөтчүлөр ж. б. үчүн жыгачтан атайын жасалган кичинекей жай. *Бийик кашатта бир будка турат* (Сасыкбаев).

БУДУҢ: будуң-чаң — тополоң, чакчелекей, азан-казан, чалды-куйду, баш аламан. *Бейкут жаткан койлор будуң-чаң боло калышты* (Аалы). *Будуң-чаң түшүп бороон бороондой берди* (Убукеев).

БУДУР *зат.* Дөңсөөлүү жер, адыр. *Будурунда бугусу, адырында аркары ойноп жүргүшөт* (Каралаев). *Тектиринде теке бар. Будурында бээси бар* (=Мамет).

БУЖУГУЙ *сын.* Чымыр, толмоч, кудуйган.— *Ботом, жети түндө булар ким десек, силер турбайсыңарбы,— деди бужугуй абышка* (Баялинов).

БУЖУГУР *сын.* 1. Тармал, быжыгыр.[*Керимахундун*].. *бужугур кара сакалынын алдындагы богогу ыксыз балкылдады* (Жантөшев).

2. Толмоч, кужугуй. [*Бакирахун*].. *чарчы бойлуу, бужугур кара киши* (Жантөшев).

БУЗ *этиш.* 1. Кыйратуу, сындыруу, бүлдүрүү, талкалоо. *Эски тамды бузуп, жаңы там салышты* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Агзыруу, туура жолдон чыгаруу, оң ишти тескери кылуу. *Бөлүп-жарып элди бузат. Айтканы ушак* (Борбугулов).

БУЗДУР буз этишинин аркылуу мамилеси.

БУЗУК *сын.* 1. Бузулган, оң эмес, мандеми бар. *Бузук тараза. Бузук саат.*

2. Адепсиз, куйту, жаман ойлуу. *Бузук адам. Бузук жигит.*

БУЗУКТУК *зат.* Куйтулук, жаман ойлуулук. *Кедеңдейсиң, койбойсуң, Элдин баарын азгырып, Бузуктукка тойбойсуң* («Эр Табылды»). *Бузулду балам жоругу, Бузуктук кылбай жүрө албайт* (Тоголок Молдо).

БУЗУКУ *зат.* Куйту, азгыргыч, буза турган адам. «*Кайдагы эмесиң? Бузукулардан болуп жүрбө?*» (Сасыкбаев). «*Бузукулар оңбо!*» — *деп, Муңданып Көкчө тыйылбас* («Манас»).

БУЗУКУЛУК *зат.* Бузуктук. *Бузукулукка берилбе.*

БУЗУКЧУЛУК бузукулук менен бирдей.

БУЗУЛ буз этишинин туюк мамилеси.

БУЗУЛГУС *сын.* Бек, чың, туруктуу. *Тынчтык үчүн, тынчтык үчүн бузулгус, Москвага дүйнө кошот добушту* (Нуркамал). *Бул жерди эмгекчи эл мекендеген, Бузулгус чоюн куюп бекемдеген* (Осмонкул).

БУЗУЛУУ бузул этишинин кыймыл атоочу.

БУЗУУ буз этишинин кыймыл атоочу.

БУЗУУЧУ *зат.* Бузгуч, бүлдүргүч; кыйратуучу. *Чек араны бузуучу.*

БУЗУУЧУЛУК *зат.* 1. Бүлдүрүүчүлүк, кыйратуучулук (мис., ишти).

2. Жаман жолго салуучулук; жаман ишке азгыруучулук (мис., адамды).

БУЗУШ буз этишинин кош мамилеси.

БУЙ *зат.* Түйшүк, убара, бушайман. *Эсебин малдын алалбай, Далай адам болду буй* («Манас»). *Акбалтанын Чубагы, Ай ааламды буй кылган Адамдан башка кырааны* («Манас»).

БУЙГАТ *зат.* Бурулуш, имерилиш, далда, өңүт. *Аттуу мылтыкчан буйгаттан чыга калганда Чормон болуш аны таңыркай карады* (Аалы). *Зоонун чыгыш тарабындагы буйгат бурулуштагы үңкүрдүн оозуна барып токтоду* (Жантөшев).

БУЙДАЛ *этиш.* 1. Кармалуу, бир нерсеге алагды болуп калуу. *Эки эркек буйдалбай, жол менен илгери кетишти* (Сыдыкбеков). *Балдарына буйдалып жүрүп, эне кечигип калды* (Убукеев).

2. Токтоло калуу, мукактана түшүү, апаарруу. *Ыйлаак бир нерсе айтчидай болип. азга буйдала түштү* (Байтемиров). *Буйдалып сүйлөй албай калдым.*

БУЙДАЛТ буйдал этишинин аркылуу мамилеси.

БУЙДАЛУУ буйдал этишинин кыймыл атоочу.

БУЙДОО *зат.* Тоскоолдук, кесепетчилик. *Ишке буйдоо болду.*

БУЙЛА *зат.* Төөнүн мурдун тешип өткөзүлгөн же анын мурдундагы шишке байланган жип. *Буйлалуу төөнү жетелегенсип, Атантаев жай басып жөнөдү* (Сасыкбаев). *Жыгылсаң нардан жыгыл, буйласын кармай жыгыл* (макал).

БУЙЛАЛА *этиш.* 1. Төөгө буйла тагуу. *Ал ак тайлакты буйлалап жетелеп алды* («Жомоктор»).

2. *өт.* Көндүрүү, айтканын иштетүү, багындыруу, баш ийдирүү. *Карабай жаштыгыма элтеңдетип, Буйлалап турмуш чөлдө сүйрөй келдиң* (Бөкөнбаев).

БУЙЛАЛАН буйлала этишинин өздүк мамилеси.

БУЙЛАЛАТ буйлала этишинин аркылуу мамилеси.

БУЙЛАЛОО буйлала этишинин кыймыл атоочу.

БУЙЛАЛУУ *сын.* Буйласы бар. *Жез буйлалуу нар тайлак, Ал эмне Көбөк чоң?* (Тоголок Молдо).

БУЙРУК *зат.* Бирөө тарабынан бир ишти аткаруу, орундатуу үчүн берилүүчү тапшырма. *Чоңдордун буйругу ошондой болгон, кулундарым* (Аалы). *Аттарды далдага кармоого.. командир тарабынан буйрук болду* (Жантөшев).

БУЙТ: буйт берүү — бир нерседен качканда, же бирөө кармап каларда буйтап кетүү. *Ач бөрүдөй буйт берип, шамдагай* (Сасыкбаев).

БУЙТА *этиш.* 1. Көрүнбөй калуу, жылт коюу, тез, ылдам бурулуп кетүү. *Патрулдарды акмалап, буйтап өтүп араң келдим* («Советтик Кыргызстан»). *Алымкул шамдагайлык менен буйтап кетип, өзүнө камчы тийгизе койбоду* (Абдукаримов).

2. *өт.* Тайсалдоо, жазгыруу, алаксытуу. [*Кыз*].. *далай машакаттан өткөрүп, тыякбыякка буйтап,.. эсиңди оодарат* (Бейшеналиев).

БУЙТАТ буйта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЙТОО I *зат.* Бурулуш, өңүт, далдоо. *Айтуу менен Байтерек тигилер даярдаган, түз керменин ар жагындагы буйтоого токтошкон* (Аалы).

БУЙТОО II буйта этишинин кыймыл атоочу.

БУК I *зат.* Куса, капа, убайым, санаа. [*Настен*].. *ичи бук болуп, эчтемеге пейли чаппай, керебетине барып жатты* (Убукеев). [*Кычан*].. *катуу-катуу кыйкыра сүйлөп же жаңыртып ырдап, бугун жазууга ниеттенет* (Бейшеналиев).

БУК II *этиш.* Бөгүп калуу, жашырынуу, чөгүү, көрүнбөй калуу. *Жылганын оозинан чыга калган жөө тиман жылып*

келип,.. кокту-колотторго бугуп калды (Байтемиров). *Будурдун чети буткулоч Бугуп жатты Табылды* («Эр Табы..ы»).

БУ.. III *туур.* Төөнүн дабышы. *«Чөк» дегенде ук» деген, Тизесин жерге бүктөгөн* («САЖИ»).

БУКА *зат.* Уйдун тукумдатуучу эркеги. *Зоот бука. Асыл тукумдуу бука.*

◆ **Көк бука** — балдар ойной турган оюн. *—Келгиле эми «көк бука» ойнойлу!* (Жантөшев). **Көл бука** — сазда жашоочу куштардын бир түрү.

БУКАРА *зат.* 1. Бирөөгө таандык, бирөөнүн көзүн караган кедей адам. *Атап айткан даңкым жок, Букараңыз боломун* («Мендирман»).

2. Кедей, эмгекчи карапайым эл. *Мындай заман болорун Көрдүң беле түшүңдө? Ачылды багың, букара, Аргымактай күжүлдө!* (Токтогул).

БУКАРЫ *зат. диал.* Түр салынып кооздолуп согулган таар.

БУКАЧАР *зат.* Эркек торпок. *Сары ала кунаажын менен күрөң букачардан башкасы саан уй* (Бейшеналиев).

БУКЕТ *зат.* Ылганып, тандалып алынган тутам гүлдүн тобу, гүлдесте. *Бекен бир колуна портфелин, бир колуна букет алды* (Каимов). [*Курортчулардын*].. *ар бири бирден букет жасап алып, улам жыттап, көркүнө суктанып баратышты* (Байтемиров).

БУКЖУЙ *этиш.* Букжуюу, кабагын салып букчуюу.

БУКЖУЙТ букжуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУКЖУЮУ букжуй этишинин кыймыл атоочу.

БУКТА *сын.* Чымыр, чын, бекем. *Бука моюн, букта бой, Курсагы чоң чердейип* (Осмонкул).

БУКТУР *этиш.* 1. Билинбей жашырынып калуу; өңүп келүү. *Буктурбай бугу аттырбайт* (Тоголок Молдо).

2. өт. Жерге житирүү, аныктап киргизүү. *Буурусунун буктурган, Кара жерге суктурган* (Тоголок Молдо).

БУКТУРМА *зат.* Сырдуу, жашырын жай; душманды жашырынып тосуучу жай. *Эгерде жоо көп болсо, буктурма коюп урушкан.*

БУКТУРТ буктур этишинин аркылуу мамилеси.

БУКТУРУУ буктур этишинин кыймыл атоочу.

БУКУЙ *этиш.* Букжуюу, кабагын салып, сурданып отуруу. *Букуюп олтурган Бектуган* (Аалы).

БУКУЛДА *этиш.* Бук-бук этүү. *Ошондо мен өзүмчө букулдап жүрүп ыр чыгардым* (Бейшеналиев).

БУКУЛДАТ букулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУКЧУГУЙ *сын.* Бою жапалдаш келген толук, семиз, болук, буржугуй.

БУКЧУЙ *этиш.* Толук, мыкчыгый тартып көрүнүү, буржуюу.

БУЛ I *ат.* 1. Жакын аралыктагы нерсени, адамды же багытты ж. б. көрсөтүү, туюнтуу үчүн колдонулат. *Бул жерде райкомдун өкүлү отурат* (Убукеев). *Бул кишиге кайрылсаңар, болгон суроонорго жооп берет* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсени белгилөө, аны башкалардан айырмалоо үчүн колдонулат. *Ремеслолук окуу — бул негизги окуу* (Сасыкбаев). *Жапардын айткан бул сөзү Күүлөдү тоонун туйгунун* (Бөкөнбаев).

3. Маалды, мезгилди көрсөтүүдө айтылат. *Бул жылы. Бул маалда. Бул учурда.*

БУЛ II *туурасы*: **пул.**

БУЛ III *этиш.* Жулкуу, булкуп алуу. *Этегимди ит булуп кетти.*

БУЛА I *зат.* Пахта, кенаф, кендир ж. б. өсүмдүктөрдөн же химиялык жол менен жасалма түрдө алынган, ийирүүгө, материал токууга, согууга колдонулуучу жүн, кебез сыяктуу жумшак зат. *Жасалма була. Пахта буласы. Кендир, кенаф булалары.*

БУЛА II этиш. 1. Уюлгуп, түрмөктөлүп көтөрүлүү (түтүнгө, чаңга карата). *Төмөнтөн ызгып чаң чыгып булап, Чуу коюп келет үч атчан чубап* (Абдыраманов). *Ар кайсы үйдүн морунан түтүн булап, ары-бери жүргөн адамдар көбөйгөн* («Ала-Тоо»).

2. Барпайып ачылуу; чубалып жыш өсүү. *Сууңдан кере жутсун буудай, арпа, Ачылсын жана дагы пахта булап* (Бөкөнбаев). *Жыпардай жытың бураган, Бетеге, шибер булаган* («САЖИ»).

БУЛАЙ *этиш.* Буладай чубалуу; барпайып көрүнүү. *Пахталары булайып, Талаасы үкү сайынган*(Турусбеков). *Жер саймасы — байчечекей булайса, Майда жандык кубанышат өпкүлөп* (Аалы). *Агарып ак таң кылайса, Ойгонсо биздин Сулайка, Жел эркелер бир жактан, Колоң чачы булайса* (Турусбеков).

БУЛАЙТ булай этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛАК I *зат.* 1. Башат, жер астынан чыккан суу. *Сөз атасы кулак, Суу энеси булак* (макал). *Саздактан сызылып аккан жүлүндөй булактар азыр Динардын көз алдына келди* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Бир нерсенин келип чыккан жери, кенчи. *Москвам жүрөгүңүн мекенимдин, Ачылган булагысың зор илимдин* (Нуркамал). *Артель иши —болочоктун булагы, Ала-Тоодой таалайларды бөлөбүз* (Аалы).

БУЛАК II: булак этүү — күтүлбөгөн жерден шып чыга калуу, көрүнө калуу. *Мен артыма бурулуп карай бергенимде.. үч карышкыр булак этип жонго чыга түштү* (Элебаев).

БУЛАКТА I *этиш.* Теңселүү, **чайпалуу,** булак-булак этүү. *Түндүгүн тартса булактап, Боз үйдүн көркү келинде* («Мендирман»). *Бүркүт салган адамга, Булактап качкан аң жакшы* («Мендирман»).

БУЛАКТА II *этиш.* **Көп, мол болуп** чыгуу. *Денелеринен тер булактап акты* («Советтик Кыргызстан»). *Ак эмеги булактап, Агып турат шыркырап* («Келейкан»).

БУЛАКТАТ булакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛАКТОО булакта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛАЛУУ *сын.* Буласы бар, буласы мол.

БУЛАМЫК *зат.* Кичинекей балдарга куурган ундан же крупадан май кошуп бышырып берүүчү коюу тамак. *Билемин түн уктабай эмизгениң, Кант кошуп ак буламык жегизгениң* (Үмөталиев).

БУЛАҢДА булакта менен бирдей.

БУЛАС: элес-булас *к.* элес.

БУЛАСТА *этиш.* Көрктүү, элестүү көрүнүү. *Түшүмдө да карагайлуу булакта Буластайсың кундуз чачың таранып* (Маликов).

БУЛАТ була этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛАЮУ булай этишинин кыймыл атоочу.

БУЛБУЛ *зат.* 1. Кубултуп сайраган боз түстөгү кичинекей келгин куш. *Бүркүт жүнү менен, булбул үнү менен* (макал). *Бактарында булбул сайрайт* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Үнү сонун обончу, мыкты ырчы. *Боз булбул Токоң сүйлөсүн, Боздогон жалгыз тил эмес, Борумдуу добуш үндөсүн* (Токтогул).

БУЛГА I *этиш.* 1. Кирдетүү, кир жугузуу, булганч кылуу. [*Динар*] *Аскардын таптаза урунган күндөлүгүн өзүнүн ири-ири жазуулары менен булгап койгонуна өкүндү* (Сыдыкбеков). *Өтүгү жаман төрдү булгайт, оозу жаман элди булгайт* (макал).

2. *өт.* Жаманатты кылуу, жамандоо. [*Павлик*].. *пионердин кочкул галстугунун сыймыгын булгабады, таза тутту* (Бейшеналиев).

БУЛГА II *этиш.* 1. Имере айландыруу, имере шилтөө. *Буралтып тууну көккө булгаймын* (Үмөталиев). *Болот үчтүү сыр найза Булгап колго алганы* («Манас»).

2. Ушундай кыймыл менен чакыруу, белги берүү; жандоо. *Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло, Алымкай* (Токтогул). *Өздөрүнчө маектешип кол булгап, Келин-кызга бирдемелеп күлүшөт* (Аалы).

БУЛГААРЫ *зат.* Иштетилген тери. *Булгаары өтүк. Булгаары портфель.*

БУЛГАЛА *этиш.* Колду, жоолукту, баш кийимди же башка бир нерсени аркы-терки кыймылдатуу, булгоо. *Жашылдан жоолук булгалап кубанычына толкуган кыздай чөйрө күлпурат* (Сыдыкбеков). *Узатуучулар поезд алыстаганча кол булгалап турушту* (Каимов).

БУЛГАЛАКТА *этиш.* Желбиртттетүү, булгалоо. *Колхоз башкармасынын аба мелжиген үйүнүн үстүндөгү булгалактаган кызыл туу кош айтышып жөнөтүп кала берди* (Убукеев). *Терезеден булгалактап жоолугун, Жал-жал карап, алыс жыла баштады* (Аалы).

БУЛГАЛАКТАТ булгалакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛГАЛАКТОО булгалакта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛГАЛОО булгала этишинин кыймыл атоочу.

БУЛГАН булга I этишинин өздүк мамилеси.

БУЛГАНЧ *сын.* Ыпылас, кир. *Кашаалардын ичи өтө булганч* (Каимов).

БУЛГАТ булга этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛГОО булга этиштеринин кыймыл атоочу.

БУЛДУР I *сын.* 1. Даана эмес, ачык эмес. *Алыстан булдур кабарды Алыша албай кез-кезде, Эсиңде бардыр өткөн күн, Кардыгып үндөр бүткөн күн* (Элебаев). *Биздин соңку жеткинчекке Бир аз булдур калсын үчүн, Анжияндан азыраак баян кылам* (Элебаев).

2. Тили так эмес. *Булдур-булдур сүйлөдү.*

БУЛДУР II бул этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛДУРА *этиш.* 1. Ачык эмес, даана эмес сүйлөө, булдур-булдур этүү. *Булдурайт, так сүйлөбөйт, чыкпайт үнү* (Токтомушев). *Сары сыйрык, көк көз.. орусча жаман тил менен Мустафаны карап булдурады* (Сасыкбаев).

2. Күңүрт үн чыгаруу. *Бир түрдүү жашыл килем — сайма талаа, Булдурап күмүш булак агат жана* (Маликов).

БУЛДУРАТ булдура этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛДУРОО булдура этишинин кыймыл атоочу.

БУЛДУРСУН *зат.* Эпостордогу баатырлардын чоң камчысы. *Кара жаак булдурсун Кармай калып имерди* («Манас»).

БУЛДУРТТА *этиш.* Булдуроо, тилди булдуруктатып түшүнүксүз сүйлөө. *Ал ачуусу чындап келгенде тили оозуна батпай булдурттап, кекечтенип калат* (Байтемиров). *Бузулуп урап короосу, Булдурттап кызыл тил калды* (Токтогул).

БУЛДУРТТАТ булдуртта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛДУРТТОО булдуртта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛДУРУК *зат.* Кара кур сыяктуу токой илбээсини. *Кара боор, булдурук, Кош канатын кыйдырып* («Сариньжи—Бөкөй»)

БУЛДУРУКТА *этиш.* Булдурттоо, сөздү түшүнүксүз сүйлөө. *Колун булгап, булдуруктап сүйлөдү* («Чалкан»).

БУЛДУРУКТАТ булдурукта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛДУРУКТОО булдурукта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛК I *этиш.* Силкип, жулкуп тартуу. *Капрыма келе түштүм намыс кылып, Бир булкуп бастым жерге чалып туруп* (Үмөталиев). *Кимдир бирөө менин сол колумду булкуп алды* (Аалы).

БУЛК II булк-булк этүү — булкуп, тартып-тартып кыймылдоо, кескин-кескин тартылуу. *Бөйрөгү булк-булк этет бир башкача, Сезилет жардам сурап карагандай* (Үмөталиев).

БУЛКУГУЙ *сын.* **Балкайган, жоонуган келген семиз.**

БУЛКУЙ *этиш.* Булкугуй тартуу, семиз, жоон болуп көрүнүү.

БУЛКУЛДА *этиш.* 1. Булк-булк этүү, булкунуп катуу кыймылга келүү. *Бурма сууга баранда, Булкулдаган торпогум* (Тоголок Молдо). *Булкулдап жүрөк согот* (Турусбеков).

2. Ачууланууу, жинденүү. *Булкулдап күйөөсүн коркуткан аялга эч ким ооз ача албады* («Ала-Тоо»).

БУЛКУЛДАТ булкулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛКУЛДОО булкулда этишинин кыймыл атоочу.

БУЛКУН *этиш.* 1. Жулунуу, жулкунуу; албууттануу, ачуусун келтирүү. *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп, ээ-жаа бербей кетме жайы бар* (Байтемиров). *Ат булкунуп басыгын ылдамдатты* («Ала-Тоо»). *Шап кармап Бышак оозунан басты, Булкунуп Дилвар эшикке качты* (Абдыраманов).

2. Ташкындоо, алдас уруу. *Шамал тийге, Ысык-Көл Толкундайсың булкунуп* (Калык). *Жинденгендей капчыгайда булкунуп, Нарын, Чүйлөр оргуштаган кайнабай* (Аалы).

БУЛКУНТ булкун этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛКУНУУ булкун этишинин кыймыл атоочу.

БУЛКУШ *этиш.* Жулкулдашып урушуу, кармашуу. *Булкушар чагың боло элек, Булчың этиң толо элек* («Манас»).

БУЛКУЮУ булкуй этишинин кыймыл атоочу.

БУЛОО I *зат.* Буу. *Үйдүн ичи булсо.*

БУЛОО II була этишинин кыймыл атоочу.

БУЛООЛОН *этиш.* Булоо, буу чыгаруу, булоо, буу каптоо. *Жабуудан көк буу чыгып, булоолонуп жатты.* [*Динардын*].. *чекеси булоолонуп, саамайы ылдый сызылып түшкөн тер жаагына так калтырды* (Сыдыкбеков).

БУЛООЛОНТ булоолон этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛООЛОНУУ булоолон этишинин кыймыл атоочу.

БУЛТ: булт берүү (коюу, этүү) — шып этип чыга качуу, ойт берип качуу, карматпоо. *Коён булт этип чыга качты. Булт берип карматпай колдон чыга жөнөдү* («Чалкан»).

БУЛТАЙ *этиш.* Сыртка кылтыйып чыгып калуу, көрүнүп туруу. *Тили бултайып чыгып турат.*

БУЛТАЙТ бултай этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛТАКТА *этиш.* Саландап ары-бери кыймылдоо, чайпалуу. *Эки-экиден теңденген чаначтары бултактап, булүндары тирсиет* (Сыдыкбеков).

БУЛТАКТАТ бултакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛТАКТОО бултакта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛТАЛАКТА бултакта менен бирдей.

БУЛТАҢДА бултакта менен бирдей.

БУЛТАЮУ бултай этишинин кыймыл атоочу.

БУЛТУГУЙ *сын.* Бултуйган, булкуйган.

БУЛТУЙ *этиш.* 1. Томпоюу, кабаруу, көөп кетүү. *Көзүм бултуюп шишип кетти. Буту турат бултуюп* («Манас»).

2. Таарынып калуу, жактырбоо.

БУЛТУЙТ бултуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛТУК *сын.* Бултуйган, толук. *Береги сол көзү таңылган бултук орой неме экен* (Сыдыкбеков).

БУЛТУКТА *этиш.* Таарынуу, булкулдоо. *Айша таарынганынан бултуктай баштады.*

БУЛТУКТАТ бултукта этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛТУКТОО бултукта этишинин кыймыл атоочу.

БУЛТУЛДА *этиш.* 1. Булт-булт этүү, чукул-чукул кыймылдоо. *Булчуңдары бултулдады.*

2. Ачууланууу, булк-булк этүү.

БУЛТУЛДАТ бултулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛТУЛДОО бултулда этишинин кыймыл атоочу.

БУЛТУЮУ бултуй этишинин кыймыл атоочу.

БУЛУҢ *зат.* 1. Бурч. *Төгөрөк бышкан наны бар, Төрт булуң келген тамы бар* («Манас»). *Сабанын булуңу.*

2. Имерилиш. *Булуңдагы токойдон жаздын жыты аңкып турат* (Сасыкбаев). *Кош өгүздүү дыйканга Коңур булуң жер кызык* (Токтогул).

3. *геогр.* Деңиздин кургакты карай кирип имерилип турган бөлүгү же кургактын деңизге кирип турган жери. *Каспий деңизинде бир булуң бар дейт* (Сыдыкбеков). *Жардын алдында, имерилиштин уч жагында сууну көздөй ичкерип кирип калган токойлуу булуң бар* (Сасыкбаев).

БУЛУҢДУУ *сын.* Булуңу бар; булуң-булуң келген. *Булуңдуу токой чер менен, Бастырып жүрдү айланып* («Манас»). *Булуңдуу саба.*

БУЛУҢЧА *сын.* Кичинекей булуң. *Тандап алган жери береги көлгө кирип барган булуңча* (Сыдыкбеков). *Тигил булуңчада бийик чыккан камыштар термелет* (Сыдыкбеков).

БУЛУТ *зат.* Атмосферада коюуланып топтолуп, жамгыр, кар, мөндүр пайда кылуучу буулар. *Кара булут. Сур булут.*

◆ **Булут казы** *к.* **казы 1.**

БУЛУТТУУ *сын.* Булут каптаган, булут баскан. *Чамгарактан күн тийсе, Булуттуу туман зэрчиген* (Тоголок Молдо). *Булуттуу күндөй сурданып Бүркөлүп турат кабагың* (Токтогул).

БУЛУУ бул этишинин кыймыл атоочу.

БУЛЧУГУЙ *сын.* Булчуйган, бултугунан келген.

БУЛЧУЙ *этиш.* **Булчугуй тартып туруу, бултуюп чыгып калуу.**

БУЛЧУЙТ булчуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУЛЧУҢ *зат.* Адамдын жана айбандын жыйрылып, тартылып турчучу ткандан турган органы. *Булчуңдары бууйган баатыр шахтёрлор тынбай иштеп жатышат* (Сасыкбаев). *Көрчү, булчуңдарым чыңала түшүптүр* (Сыдыкбеков).

БУЛЧУҢДА *этиш.* Оозуна нан, эт сыяктуу кургак тамакты толтуруп алып, бултуңдатып чайноо. *—Эми экөөбүз дос болобуз.. —деди мергенчи.. тоо текенин.. этин булчуңдап жеп жатып* (Сасыкбаев).

БУЛЧУҢДУУ *сын.* Күчтүү, булчуңдары чың, мыкты. *Булчуңдуу бурлактардын чачтарынан Жамгырдай тер куюлган жыбыр-жыбыр* (Аалы). *Булчуңдуу колдорун эки жакка кериштип.. сунуп койду* («Советтик Кыргызстан»).

БУЛЧУЮУ **булчуй** этишинин кыймыл атоочу.

БУЛЬВАР *зат.* Эки жагы жол, ортосу бак-даракту, кишилер жүрүүчү аллеялуу көчө. *Вера менен эки саатча бульварда басып жүрдүм* (Шимеев). *Бул көчө эмес, чыныгы бульвар* (Шимеев).

БУЛЬДОЗЕР *зат.* Жерди тегиздөө, сүрүү иштерин аткарууга илайыкталып трактторго бекитилген жазы, калың калагы бар, рама сыяктуу түзүлүш, жасалга жана ушундай түзүлүшү, жасалгасы бар трактор.

БУНКЕР *зат.* Дан ж. б. нерселерди топтоп, башка транспортко жүктөгөнгө чейин убактылуу сактап туруучу жай, комбайндын чөнөгү. *Кызыл буудайлар бункерге чубуруп түшүп жатты* (Баялинов). *Бункерлерден куюлган таш көмүр платформаларга толууда* (Сасыкбаев).

БУР I *этиш.* 1. Белгилүү бир тарапка багыттоо, бет алдыруу, кайыруу, бурула кароо. *Марк Соломонович башын буруп, колун шилтеди* (Сасыкбаев). *Социализм жолуна Ишибизди буралы* («Жазгыч акындар»). *Барпы башкарма сөзүн башка жакка бурду* (Байтемиров). *Асылбек машинасын мектепти карай бурду* («Жаш ленинчи»).

2. Өзгөртүү, башкача кылуу. *Кудайназар атыкпай, Кубултуп атым бурбасам* («Эр Табылды»). *Эч кандай күч түсүн бурбайт өңүңдүн* (Аалы).

3. Бөлүү, белгилүү бир нерсеге топтоо, багыттоо. *Шыгың буруп караңгыда жатканга Кармат, досум, маданият күзгүнү* (Бөкөнбаев). *Көңүлүң бурчу санаама, Көзүңдөн, жаным, садага* (Маликов). *Кол салууга чорого, Чындап нээтин бурду эле* («Семетей»).

◆ **Бура сүйлөө** — күлкүгө, тамашага чалып сүйлөө, сөздү тамашага, күлкүгө айландыруу.

БУР II: **бур этүү** — 1) чаңдын, түтүндүн ж. б. бурулдап чыгышы, көтөрүлүшү; 2) жыттануу, жыт аңкып туруу, каптоо. *Тунжураган кыштак жактан Бур этет тезек жыты отко жаккан* (Абдыраманов). *Атчан өтүп баратсаң, Алманын жыты бур этет* (Осмонов).

БУРА *этиш.* 1. Толгоо, толгоп айландыруу. *Толкундап ырчы оолукту, Бурады күүгө комузду* (Бөкөнбаев). *Саатын бурады.*

2. Аңкуу, жыттануу. *Жайкы учур, түрдүү чөптүн жыты бурап* (Турусбеков). *Арчанын майда күкүмү чатырап, жагымдуу чайыр жыты бурады* (Абдукаримов).

3. Уюлгуп, түрмөктөлүп жогору чыгуу, көтөрүлүү. *Көктү көздөй илээлеп бураган көк түтүн* (Абдукаримов). *Аягынан чыккан чаң Жөө тумандай бураган* (Токтогул).

4. Көйкөлүү, жайкалуу. *Бетеге белден бураган, Кулун, тайы чуулаган* (Осмонкул). *Белден бураган бетегесин көрсөң* (Жантөшев).

БУРАДАР *зат.* Курдаш, жолдош, теңтуш. *Жан бурадар досум деп, Көңүлүңдү бергенсиң* («Курманбек»). *Бурадар Аккан, сөз байка, Курдаштык жайын айтайын* («Курманбек»).

БУРАК I *зат. эс.* Эпостордо, жомоктордо айтылчу абдан чарчабас, чаалыкпас тулпар, мыкты күлүк. *Түйгун аяш атаңдын Белекке калган бурагы* («Манас»). *Жаныбарым чаалыкпас Бул жалгандын бурагы* («Жазгыч акындар»).

БУРАК II *зат.* Гүлдөп, толуп турган мезгил. *Жашчылыктын байрагын Желпип өстүң, жаш бурак* (Бөкөнбаев). *Өсүптүр, ал кыз бурак толгон айдай* (Токобаев).

БУРАЛ *этиш.* 1. **бура** этишинин туюк мамилеси.

2. Алы кетүү, абдан чарчоо, чаалыгуу. *Бастыра албай тоо-ташка, Калгандыр аты буралып* (Тоголок Молдо).

3. Солкулдоо, бойго жетүү. *Бузулбас бул байлыкка эл жетилип, Буралып уулкызы тең жетилип* (Үсөнбаев). *Көлдөй толкун кубандым, Гүлдөй өсүп буралдым* (Бөкөнбаев).

4. Желбирөө, желпилдөө. *Кылкылдаган кызыл туулар буралып, Эркек, аял эл толкундап кубанып* («САЖИ»).

БУРАЛУУ **бурал** этишинин кыймыл атоочу.

БУРАМА *зат.* 1. Спираль сыяктуу сайы бар стержень. (*Өндүрүштө*).. *ар бир тетиктин, бураманын чоң ролу бар* (Сасыкбаев). *Эми сенден суранам: Жышылбасын бурамаң* (Турусбеков).

2. Көзөө, бурап тешүү үчүн колдонулган аспап.

БУРАМАЛУУ *сын.* Бурамасы бар, бурама салынган. *Бурамалуу жез найдар, Бурчтан кармап имерди* («Манас»).

БУРАНА *зат.* Бийик, баш жагы куушкелген архитектуралык курулуш, мунара. *Тарыхтан кабар берип туруган өңдүү, Карачы Чүй боорунда бурананы* (Шүкүрбеков).

БУРАҢ I: **бураң-бураң этүү**—майышуу, ийрелеңдөө, кыйралаңдоо. [*Дилде*].. *эки чакасына.. суу алды да, ийиндеп, бураң-бураң этип жөнөп берди* (Касымбеков). *Майышып кырчын белим бураң-бураң* (Бөкөнбаев).

БУРАҢ II *сын.* Жаш, толуп турган, бойго жеткен (жаш адам жөнүндө). *Тамшанат ак сакалдуу көп карылар, Кирчүдөй, бураң жигит болсо чагы* (Маликов).

Быйыл көрсөм көкөлөпсүң, өсүпсүң, Бутагың көп, бураң бойго жетипсиң (Бөкөнбаев).

◆ **Бураң бел** — ичке бел, кыпча бел. *Тээтигинде кир жайып, Карап турат бураң бел* («Ала-Тоо»).

БУРАҢДА *этиш.* 1. Бураң-бураң теңселүү, чайпалуу. *Тумакчан киши.. Булак-Башы белесин көздөй бураңдап жөнөдү* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Келишимдүү, келбеттүү. *Сонун келбет бураңдаган жар сулуу, Ак маңдайда жарашыктуу кал сулуу* (Элебаев).

БУРАҢДОО буранда этишинин кыймыл атоочу.

БУРАТ бура этишинин аркылуу мамилеси.

БУРАШ бура этишинин кош мамилеси.

БУРБУЙ *этиш.* Эриндерин тултуйтуп, кабагын салуу. *Мурдун чүйрүп чурмуюп, Оозун бүйрүп бурбуюп, Ойноп жатат бийчиси, Ого эле кыйын дурдуюп* («Эр Табылды»).

БУРБУЙТ бурбуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУРБУҢДА *этиш.* Дулдуюп, кабагын бүркөп ачууланууу. *Атай да тигилерге тирөөч болуп, бурбуңдап, Кычанды жекирди* (Бейшеналиев).

БУРГАК *зат.* Борошо, бурганак. *Бургак болот мунарык, Жер көрүнбөйт тунарып* (Тоголок Молдо).

БУРГАКТА *этиш.* Борошолоо, бурганактоо. *Катуу жааса бургактап, Борошолоп шыбыргак* (Тоголок Молдо).

БУРГАКТАТ бургакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУРГАКТОО бургакта этишинин кыймыл атоочу.

БУРГАНАК *зат.* Кар аралаш бороон. *Чар тарап бурганактын астында калды (Аалы). Катуу бурганакта аттарыбыз баспай, Кайыңдынын оозундагы токойдун ичине түнөдүк* (Жантөшев).

БУРГАНАКТА *этиш.* Кар аралаш бороон болуу. *Аңгыча алай-дүлөй болуп кар бурганактай баштады* (Бөкөнбаев). *Каарданып кар бурганактап..* (Жантөшев).

БУРГАНАКТАТ бурганакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУРГАНАКТОО бурганакта этишинин кыймыл атоочу.

БУРГУ I *зат.* Жерди, тоо-ташты, металл, жыгач сыяктуу ар кандай катуу заттарды бургулап, бурап тешүү үчүн колдонулган аспап, курал. *Жер жүрөгүн бургу менен бургулап, Көкүрөгүн мети менен ургулап* (Аалы). *Электр бургулар зуулдап иштөөдө*(Сасыкбаев).

БУРГУ II *этиш.* Бурулдап чыгуу, уюлгуу. *Көз жиберчи, ой, кырына мекендин, Сансыз завод түтүндөрү бургуган* («Советтик Кыргызстан»).

БУРГУЛА *этиш.* Бургу менен казуу, көзөө, тешүү. *Стаханов забойго түшүп көмүрдү бургулап, мурда дүйнөдө болбогон рекорддорду көрсөткөн учур — патриотизм эмеспи* (Шимеев).

БУРГУЛАТ бургула этишинин аркылуу мамилеси.

БУРГУЛАШ бургула этишинин кош мамилеси.

БУРГУЛОО бургула этишинин кыймыл атоочу.

БУРГУЛООЧУ *зат.* Бургулоо жумушунда иштөөчү жумушчу, бурильщик. *Бургулоочулар жабыла орундарынан туруп, ишке киришти* (Сасыкбаев).

БУРГУТ бургу этишинин аркылуу мамилеси.

БУРГУУ бургу этишинин кыймыл атоочу.

БУРДА *этиш.* 1. Жулкуу, жула кармоо, жулуп кетүү. *Оңдонуп тура качканча Кычан көйнөгүнүн этегинен бурдай кармап калды* (Бейшеналиев). *Көк канчык этегин бурдап калды* (Сыдыкбеков).

2. Шашып, лапылдатып сугунуу. *Канымбек куймакты бурдай-бурдай сугунууда* (Жантөшев). *Наңды бурдап сугунуу.*

БУРДАТ бурда этишинин аркылуу мамилеси.

БУРДОО бурда этишинин кыймыл атоочу.

БУРДУК *этиш.* Бурдап, оозуна толтура сугунуу. *Койлор арпа, күнжара, урпак аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев).

◆ **Бурдугуп калуу** — ачыгып калуу, сугалактануу.

БУРДУГУУ бурдук этишинин кыймыл атоочу.

БУРЖУА *зат.* Буржуазия табынын өкүлү.

БУРЖУАЗИЯ *зат.* Өндүрүш куралдарына, каражатына ээ болгон капиталисттик доход менен жашап, жалданма эмгекти эксплуатациялоо аркылуу кошумча нарк тапкан капиталисттик коомдогу үстөмдүк кылуучу тап. *Элдик революция толкуну Буржуазияны титиреткен* (Шүкүрбеков).

БУРЖУАЗИЯЛЫК *сын.* Буржуазияга таандык.

БУРЖУАЗИЯЧЫЛ *сын.* Буржуазияны жактаган. *Буржуазиячыл улутчулдар улуу акын Токтогулду көрө алышкан эмес* (Бөкөнбаев).

БУРЖУГУЙ *сын.* Мойну кыска, жапалдаш бойлуу жана толук (адам жөнүндө). *Буржугуй карыя балбанга түшчүдөй жеңдерин өйдө чыканагына чейин түрүнүп алган* (Баялинов).

БУРЖУЙ I *зат. сүйл.* Буржуага карата жектөө, мазактоо иретинде айтылган сөз.

БУРЖУЙ II *этиш.* Буржугуй тартып жоон, толук көрүнүү. *Корчу кочкордун чүйлүсүндөй буржуйган кызыл мойнун сыйпалап алды* (Аалы).

БУРЖУЙТ буржуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУРЖУК: буржук-буржук — одур-будур тегиз эмес. *Буржук-буржук болгон тегиз эмес талаа.*

БУРИЛЬЩИК *зат.* Бургулоочу, бургулоо жумушунда иштөөчү.

БУРК: бурк-бурк этүү—түтүндүн, чаңдын бүркөн сыяктуу үзүлүп-үзүлүп, бур-

тулдап чыгып турушу. **Бурк-шарк этүү** — бакылдап, бууракандап урушуу, сүйлөнүү.

БУРКАН I *зат.* Бутка табынуучулар сыйына турган кудайдын сүрөтү, кебетеси. *Колодон кылган бурканды Кызыл пилге жүктөтүп* («Манас»).

БУРКАН II: буркан-шаркан — 1) суунун, суюк нерсенин катуу кайнаганда, акканда пайда болгон дабышы. *Казан буркан-шаркан түшүп катуу кайнады. Кара-Суу буркан-шаркан күрүлдөп жатат* (Касымбеков); 2) уу-дуу болгон кызуу, жандуу кыймылды жалпы мүнөздөө үчүн колдонулат. *Ар кайдан жүрөгүңдү жаның өтөт, Кайнаган эмгек күүсү буркан-шаркан* (Абдыраманов); 3) аябай ачууланып, албууттанып урушуу, ыйлоо. *Бурулча буркан-шаркан түшүп эшикке чыкты* (Бейшеналиев). *Супахан буркан-шаркан түштү* (Жантөшев).

БУРКУЛДА *этиш.* 1. Коюу, калың болуп түрмөктөлө көтөрүлүү, бурпулдап чыгуу. *Пароводон буркулдап чыгып жаткан түтүн менен буу.. асманды.. боз түстөгү мейкиндикке айландырган* (Абдукаримов). *Кумсарып жайдын күнү чөбү куурап, Алыстан атырылып чаң буркулдап* (Шамшиев).

2. Аябай ачуу, ашып-ташып көбүктөнүү. *Агылат алдастанып, тентек дарыя, Буркулдап ак көбүгү чыгып четтен* (Бөкөнбаев). *Буркулдап ачыган бозо.*

3. Көбүгүн чачып күчөнүү, бурк-бурк этүү (кирген бууга карата). *Буурасы кирип буркулдап, Кыш чилдеде тиштерин Кычыратып кайраган* (Үсөнбаев).

4. Жактырбай урушуу, долулануу, албууттук кылуу. *Эртеден бери буркулдап сен эрин коркуткан аялдардай мазебизди кетирдиң го* («Ала-Тоо»).

БУРКУЛДАТ буркулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУРКУЛДОО буркулда этишинин кыймыл атоочу.

БУРКУРА *этиш.* 1. Бурулдоо. *Коштордо болсо, от жагылып түтүндөр буркурап, майлуу тамактардын жыты аңкыйт* (Сасыкбаев).

2. Аңкуу, абдан жакшы жыттануу. *Көңүл ачат жыттасаң, Буркурап жыты алманын* (*Осмонкул*). *Жыпардай жыты буркураган гүлдүү чөптөр.*

3. Аябай катуу ыйлоо, муңканып ыйлоо. *Соня буркурап калып калганда.. [Андрейдин] жүрөгү сыздаган* (Сасыкбаев). *Ажар.. буркурап-боздоп ыйлап жиберди* (Баялинов).

БУРКУРАК *сын.* Жыттуу, жыты аңкыган. *Буркурак жыттуу.*

БУРКУРАТ буркура этишинин аркылуу мамилеси.

БУРКУРОО буркура этишинин кыймыл атоочу.

БУРЛАК *зат.* Эски заманда кемелерди аркан менен суунун агымына каршы багыт боюнча тартып сүйрөөчү жумушчу. *Булчуңдуу бурлактардын чачтарынан Жамгырдай тер күюлган жыбыр-жыбыр* (Аалы).

БУРМАЛА *этиш.* Чындыкты, фактыны тетири буруу, башкача түрдө көрсөтүү. *Чындыкты бурмалап, калп айтып жүргөн кишиден түңүлбөйсүңбү* («Чалкан»).

БУРМАЛОО бурмала этишинин кыймыл атоочу.

БУРМАЛУУ: бурмалуу саадак — буралып кооздолуп жасалган жебелер салынуучу капчык. *Бурмалуу саадак, бугу шым* (Тоголок Молдо).

БУРОО I *зат.* 1. Бурама. *Зоотко кирдик. Сансыз сырдуу тетиктер, Буроо, труба бардыгы чылк темирден* (Аалы).

2. Бурап көзөй турган аспап. *Бир азаматы жыгачтын бооруң эзип, буроо бурап, ышкырынып.. туруучу* (Сыдыкбеков).

3. Комуздун кулагы. *Үч буроо, жалгыз тээк үч кыл комуз Чертилбейт, күүгө келбейт, чебер колсуз* (Осмонов).

БУРОО II бура этишинин кыймыл атоочу.

БУРСАТ *зат.* Убакыт, мөөнөт. *Эр Манастан өтүнүп, Жети күн бурсат сурады* («Манас»). *Кара курт, бөйдөн чочушуп, Токтоого бурсат болбоду* («Мендирман»). *Бурсатка келбей үзүлүп кетти* («Ала-Тоо»).

БУРТ *туур.* Чач сыяктуу башка нерселерди басканда, төгүлгөндө ж. б. чыккан дабыш. *Кашаң карагер далп-далп желсе, чаң бурт-бурт атылат* (Бейшеналиев).

БУРТА *зат.* Уйдун карынынын каттал-ган майлуу жери. *Үй деген бир улук мал, Ушул сөзгө кулак сал. Бурта байлап семирип, Бурулуп басса демигип* (Тоголок Молдо).

БУРТУГУЙ *сын.* Буртуйган.

БУРТУЙ *этиш.* 1. Тултуюу, болук көрүнүү.

2. Таарынып, кабагын ачпай тултуюп калуу. *Сайра кыйгач карап буртуйду* (Касымбеков). *—Ой, бу эмне буртуят?* (Байтемиров).

БУРТУЛДА *этиш.* Бурт-бурт этип чаңдоо, бурулдап көтөрүлүү. *Буртулдаган чылым тартуудан башка зыяны жок адам* (Жантөшев). *Аркы өйүздөгү деревняның үстүнөн буртулдаган чаң үюлгуп, снаряддардын жарылганы көрүнөт* («Советтик Кыргызстан»).

БУРТУЛДАТ буртулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУРТУЛДОО буртулда этишинин кыймыл атоочу.

БУРТУҢДА *этиш.* Урушуп, туйтуңдап калуу. *Мындай эмес элең го! Өтө эле буртуңдап калыпсың* («Чалкан»).

БУРУГУЙ *сын.* Буруйган, уркуйган, өөдүк-сөөдүк.

БУРУЙ *этиш.* Чыңалып, көөп чыгып туруу. *Булчуңдары буруйган, Бүтүп калган үюлдан* (Турусбеков).

БУРУКСУ *этиш.* 1. Аңкуу, кескин жыттануу, буркуроо. *Жалбыздын жыты буруксуйт. Буруксуган сасык жыт.*

2. Чаңдоо, үюлгуп бурулдоо. *Түтүн гана буруксуп калды. Чаң буруксуду.*

БУРУКСУТ буруксу этишинин аркылуу мамилеси.

БУРУКСУУ буруксу этишинин кыймыл атоочу.

БУРУЛ 1. бур этишинин туюк мамилеси.

2. Өзгөрүү, кубаруу, өңү өчүү, башка түргө өтүү. *Кызыл оңбос болсочу, Кыз бурулбас болсочу* (Токтогул).

БУРУЛДА *этиш.* 1. Бур-бур этүү. *Соколордун артынан бурулдаган чаң асманга көтөрүлөт* (Убукеев).

2. Жыты келүү, жыты буркуроо. *Балам, ичкиң келип турабы, Мында бозонун жыты бурулдайт* (Токтогул).

БУРУЛДАТ бурулда этишинин аркылуу мамилеси.

БУРУЛДОО бурулда этишинин кыймыл атоочу.

БУРУЛУУ бурул этишинин кыймыл атоочу.

БУРУЛУШ *зат.* 1. Имерилиш, кайрылыш. *Жылганын оозундагы бурулушка там салмакчы* (Байтемиров).

2. Өзгөрүш. *Сен да жардам бермексиң Жасоого чукул бурулуш* (Турусбеков).

БУРУУ I *сын.* Башка, жат, өзгө. *Бырп эткен буруу жыт жок* (Убукеев). *Буруутерүү санабай, Мал көзүнө карабай* («Семетей»). *Тили буруу.*

БУРУУ II бур этишинин кыймыл атоочу.

БУРУШ I *зат.* Бурулуш, имерилиш, кайрылыш. *Бурушка кире бергенде, Бугудай көзү жалтылдап* («Манас»). *Буруштан атып бугусун, Булардын көргүн жумушун* («Манас»).

БУРУШ II *зат.* Малга салынуучу эн, тамга. *Койго буруш уруу.*

БУРУШ III бур этишинин кош мамилеси.

БУРЧ *зат.* 1. Нерсенин эки капталынын, эки жагынын кесилишкен жери, кычыгы. *Тамдын бурчу. Көчөнүн бурчу.*

2. *мат.* Бир чекиттен чыккан эки шоола менен түзүлгөн фигура. *Кең бурч. Тар бурч. Тик бурч.*

◆**Булуң-бурч** — бардык жер, бардык жай. *Анда биздин кең өлкөнүн бардык булуң-бурчунан пионерлер келишкен* (Сыдыкбеков). **Кызыл бурч** *к.* **кызыл.**

БУРЧАКТА *этиш.* Тамчылап куюлуу, бөлүнүп-бөлүнүп, тамчылап агуу (мис., көздүн жашы). *Капталдан аккан кара кан Жерди көздөй бурчактап* («Манас»). *Кызгылтым боёк аралашкан суу булоолонуп, жылуу тамчылары бурчактайт* (Сасыкбаев).

БУРЧАКТАН бурчакта этишинин өздүк мамилеси.

БУРЧАКТАТ бурчакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУРЧАКТОО бурчакта этишинин кыймыл атоочу.

БУРЧТУУ *сын.* Бурчу бар; бурч салынган. *Беш бурчтуу жылдыз тагынып, Баатырлык атак алышты* (Үсөнбаев).

БУТ I *зат.* 1. Адамдардын, айбандардын, канаттуулардын басып жүрүүгө, конуп отурууга ж. б. ылайыкталган мүчөсү. *Микола бутунун учу менен коридордо акырын басып бара жатты* (Баялинов). *Басса-турса малдын буту чөптү тепсей жүрөт* (Убукеев).

2. Мебелдин жана башка нерселердин астынкы таяныч бөлүгү. *Энекем ак тактанын буту элең, Ак сарай үйдүн куту элең* (Тоголок Молдо).

Бутка жыгылуу — баш ийүү, багынуу. *Душман кечирим сурап биздин бутубузга жыгылат* (Сыдыкбеков). **Эки буту бир өтүккө кийилүү** —жаман абалда калуу, кысмакка алынуу, кыстaлуу. *Аштын чыгымынан кутулуунун айласын таппай, эки буту бир өтүккө кийилгендер* (Жантөшев). **Буту бутуна тийбөө** — өтө ыкчам, тез жүрүү, тызылдап тез жүгүрүү.

БУТ II *зат.* Кудайдын сыйынууга, табынууга жасалган сүрөтү. *Кол башындай алтын бут, Койнунан алып сыйынып* («Семетей»). *Падышасы Дүбүр кан Барган экен бутуна* («Манас»).

БУТА I *зат.* Майда бадал. *Боз чымчыктар тикендүү буталардын арасында бири-бирин кубалашып ойношот* (Аалы).

БУТА II *зат.* Атып машыгуу үчүн атайын коюлган нерсе. *Бута атуу.*

◆**Бута атым** — бута коюлган, бутага чейинки жерчелик аралык. *Бута атымдай жерге келгенде тааныды* (Аалы).

БУТА III *этиш.* Бак-даракты бутактарын сейректетип кыркуу, кесүү, бутактарын алуу.

◆**Канап-бутоо** *же* **отоп-бутоо** — жоготуу, тазалоо, түгөтүп жиберүү. *Чоң айыл кичи айылды канап-бутап жиберер бекен* (Убукеев).

БУТАК *зат.* 1. Өсүмдүктөрдүн шагы, өзөгүнө жабыша чыккан тарамдары. *Алма бутактары. Бутагы көп тал.*

2. *өт.* Таралып чыккан бир түкүм, жакын тууган. *Билбеймин, ким болду экен бул жаткан эр? Сынды да үй-бүлөнүн бир бутагы* (Үмөталиев).

Канат бутак *к.* **канат I.**

БУТАКТА *этиш.* 1. Бутак чыгуу, бутагы көбөйүү. *Жаз алдында бутактаган чынардай, Жарык жайнап өскөнүңө кубандым* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Көбөйүү, улануу. *Сөздөн сөз чыгып, бутактай баштады* (Жантөшев). *Сөздөн сөз чыгып, эрегиш бутактады* («Советтик Кыргызстан»).

БУТАКТАН бутакта этишинин өздүк мамилеси.

БУТАКТАТ бутакта этишинин аркылуу мамилеси.

БУТАКТОО бутакта этишинин кыймыл атоочу.

БУТАКТУУ *сын.* 1. Бутагы бар; бутак алган. *Табылды менен Зарыл олтургузган алма жыгачы шактуу, бутактуу* (Сыдыкбеков).

2. Көп сырдуу, бай, тарамдуу. *Мейли эми мында турсун ата Миңбай, Биз анын сан бутактуу оюн бузбай, Көз салып карт багбандын кешпирине, Ал-жайын бир аз тыңшап угалы жай* (Абдыраманов).

БУТАЛ бута этишинин туюк мамилеси.

БУТАЛУУ *сын.* Бадалдуу. *Караган-буталуу жер.*

БУТКАНА *зат.* Бутка (кудайдын сүрөтүнө) сыйына турган жай. *Кудайым деп кумулдап, Бутканага барыптыр* («Манас»). *Жүз миң адам чогулуп, Бутканага чокунду* («Манас»).

БУТАШ бута этишинин кош мамилеси

БУТКУЛ *зат.* Быткыл, тегиз эмес, ойчункуру бар жер. *Будурмакты айлантып, Буткулга салып кубалап* («Манас»). *Бугуп жаткан колуңду Буткулдан издеп табамын* («Эр Табылды»).

БУТОО бута этишинин кыймыл атоочу.

БУТПАРАС *зат. дин.* Бутка сыйынуучу, табынуучу.

БУТПАРАСТЫК *зат.* Бутка сыйынуучулук, табынуучулук.

БУТТА *этиш.* Бутунан алып көтөрүү. *Атка буттап мингизүү.*

БУТТАШ *этиш.* Колдон-колго өтүү, алмашып, оошуп өтүп кетүү. *Силер тарапка Айдарбек датка дегендин.. күлүгү бутташып барганын угуп биле албадыңбы?* (Жантөшев).

БУТЫНКА *зат.* Суюк нерсе куюга арнап, айнектен жасалган, моюн жагы ичке келген идиш. *Кадыр.. ала келген бутылкасын, чөнтөгүнөн алды* (Сасыкбаев).

БУУ I *зат.* 1. Ысуу, кайноо, кургоо аркылуу суудан же башка суюктуктан, нымдуу заттардан чыккан боз түстөгү газ сыяктуу зат. *Ойготуп эмгек эзсин уйкудагы, Чоң труба буу чыгарды, гудок какты* (Бөкөнбаев). *Көбүнчө пилла түрүүчү цехтерге ысык суу жана буу дайыма керек* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Нерсенң көркөмдөп, кооздоп боёо үчүн колдонулуучу баалуу металлдын эритиндиси. *Алтындын буусу менен кырбууланган жакшынакай карала кесе* (Сыдыкбеков).

◆**БУУ ҚАЗАНЫ** — суу кайнатып, буу чыгарып алына турган казан. *Буу казандарын кайнатуучу цех—фабриканын жүрөгү* (Сасыкбаев).

◆**БУУ II** *этиш.* 1. Байлоо таңуу; чыгарбоо, төгүлбөө үчүн бир нерсенин оозун бек байлап коюу. [*Фатима*] *көгүш косынкасын бекем буунуп, эки жеңин түрүнгөн калыбында* (Сасыкбаев). *Бир капты чымчып буун өгүздүн жонуна өзү эле көтөрүп коё салган балбандын бири да* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Тосуу, өткөрбөй бекитип коюу. *Жолду буун коюу. Нарынды буун салууга дабаа жетет* (Сасыкбаев).

БУУГУЧ *зат.* Бууш үчүн керектелүүчү жип же башка боо. *Каптын, куржундун буугучу.*

БУУДАЙ *зат.* Данынан ун жасалуучу өсүмдүк же ошол өсүмдүктүн даны. *Буудайлар богок чыгарып, Беде, чөп чапчу ай болду* (Осмонкул).

◆**ТИЛИ БУУДАЙ ҚУУРУУ**—такылдап сүйлөө, чеченсиз сүйлөө. *Сүйлөсө жыйналышта буудай куурап, Эмгекке сугарылган тили балдай!* (Турусбеков). **Буудай жүздүү** — жүзү кара туруга жакыныраак кызылдуу (кишинин өңү жөнүндө). *Буудай жүздүү чарчы бойлуу жигит* («Ала-Тоо»).

БУУДАЙЫК I *зат.* Жомоктогу эң алгыр, кыраан куш. *Буудайык торго түшсө да, Бурулуп тапка келчү эмес* (Бөкөнбаев). —*Куудан айтсам ылайык, Куш төрөсү буудайык* (Барпы).

БУУДАЙЫК II *зат.* Буудай баш, тарак баш (буудайга окшош чөп).

БУУДАК: буудак-буудак – түрмөк-түрмөк, түрмөктүү. *Буудак-буудак түрмөктөлүп, Көк түтүнү бурулдап* (Маликов).

БУУДАКТА *этиш.* Буудак-буудак болуу, түрмөктөлүү. *Тээ алыстан буудактаган чаң чыгат.*

БУУДАН *зат.* 1. Чыдамкай жана күлүк атка берилүүчү эпитет. *Жигиттин көөнү кубанат Булкунган буудан ат менен* (Токтогул).

2. *өт.* Азамат, эр жүрөк, кайраттуу. *Эки буудан баш кошсо, Эр Назар, сендей ким чыгат* (Токтогул). *Муну айтып нетейин, Бууданым чунак угуп ал* («Манас»).

БУУДАНДЫК *зат.* 1. Чарчабастык, чаалыкпастык, чыдамкайлык, арыбастык. *Бугудай мойнун бурду эле, Буудандыгы ушундай* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Азаматтык, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук. *Сур булут менен тең жүргөн, Буудандыгын билгизбей* («Кыргыз фольклору»).

БУУДУР *буу* этишинин аркылуу мамилеси.

БУУЛ 1. *буу* этишинин туюк мамилеси.

2. *өт.* Кысылуу, чыкпай токтоп калуу. *Үсөндүн үнү калтырак баскандай буулабуула чыкты* (Касымбеков).

БУУЛА *этиш.* 1. Бууга кармоо.

2. Баалуу металлдын буусуна кармоо, ушундай буу менен кооздоо. *Алтынга бууланган жаңгактай жылаажын коңгуроону салмак менен шылдыраткан Кузымич ата.. керебеттин жанында туруптур* (Сыдыкбеков). *Алкымы айдай жарк этет, Күмүштөн буулап жапкандай* («Мендирман»).

БУУЛАН буула этишинин өздүк мамилеси.

БУУЛАНТМА *зат.* Бир жай үрөн себилбей, күзгү айдоого дем берип айдалып даярдалган жер. *Буулантма айдала турган кысыр аңызды айдата бергенбиз* (Убукеев).

БУУЛАТ буула этишинин аркылуу мамилеси.

БУУЛОО буула этишинин кыймыл атоочу.

БУУЛУК *этиш.* 1. Абдан эригүү, бук болуу. *Элебес буулукан келиндердин жарпын жазышпайт беле?* (Сыдыкбеков). *Мурунтан минбей чалгынга Буулугуп калган чагы бар* («Манас»).

2. Буулуу, кысылуу. *Карыптын каңырыгы түтөп, бир азга буулугуп турду* (Жантөшев). *Андрейдин үй-бүлөсүнө жеткенде, [Мусабек] сөзүн жутуп, буулугуп калды* (Сасыкбаев).

БУУЛУМ *зат. эс.* Баалуу кездеменин бир түрү. *Буурулду минип тердеткен, Буулумду кийип кирдеткен* (Токтогул).

Келиштирип баарысын Буулум менен иштеген («Манас»).

БУУМ *зат.* Каптын, мешоктун ж. б. идиштин толтура салып буулгандагы көлөмүнө барабар чени. *Бир буум ун салдырдык, бир буум буудайды дагы салдырып жеткиребиз* («Ала-Тоо»).

БУУМА буум менен бирдей. *Чымчып буума кап.*

БУУН буу этишинин өздүк мамилеси.

БУУРА *зат.* Тукумдатуучу төө. *Киргеи буура. Кишичил буура.*

БУУРАКАН *сын.* Катуу алай-дүлөй. *Турунанын тунук көл Буураканын шамал урду дейт* («Семетей»).

БУУРАКАНДА *этиш.* 1. Ташкындоо, ашып-ташуу, буркан-шаркан түшүү, катуу алай-дүлөй болуу. *Буураканда күркүрөп, кээ жери көк торкодой көрүнүп, Көкөмеренди азоо суусу агат* (Жантөшев).

2. Албууттануу, ачуусу келип буркан-шаркан түшүү. [*Сабыр*].. *баштагыдан беш-бетер буураканда* (Бектенов).

БУУРАКАНДОО буураканда этишинин кыймыл атоочу.

БУУРКАН *этиш.* Буураканда, буркан-шаркан түшүү. *Буурканып сурданып, Алмамбет жүрсүн жол менен, Албан түрдүү ой менен* («Манас»). *Буурканып тоо шамалы ышкырганда, Асманга чапчыйт Соң-Көл ашып-ташып* (Маликов).

БУУРКАНУУ буркан этишинин кыймыл атоочу.

БУУРСУН *зат.* Жер айдоо үчүн колдонулуучу эң жөнөкөй эмгек куралы. *Алымкул башын көтөрбөй, буурсун жиреп бараткан бороздон көзүн албады* (Абдукаримов).

БУУРУГУУ буурук этишинин кыймыл атоочу.

БУУРУК *этиш.* 1. Аябай ачуусу келүү, кыжырлануу. *Бузулган элден кеп угуп, Буургуп келди Темиркан* («Семетей»). *Буургуп келген Чабакты Букардык көрүп кеп айтат* («Манас»).

2. *өт.* Буулугуу, куса болуу, эригүү. *Буурактуң жериң сагынып, балдарым алга, баргыла!* (Маликов). *Буурукса бугу атышат, Бул кызыкка батышат* («Эр Табылды»).

БУУРУКТУР буурук этишинин аркылуу мамилеси.

БУУРУЛ *сын.* 1. Боз, сур, көк жана башка түстөгү жүндөрдүн аралашмасынан турган аттын түсү. *Алдыдагы буурул атчан мурап бир айылдын элиндей бажылдайт* (Сыдыкбеков).

2. Ак кире баштаган чач, сакал, мурут. *Эшикти орто жашап калган, чачтары буурул, нускалуу аял ачты* (Шимеев).

БУУРЧАК I *зат.* Көгөндүн көздөрү бир жак учу томолок түйүлгөн, экинчи учу илмектүү кыска жип. *Кереч мойнуна курун салып, кемпири көгөндүн буурчагын мойнуна өткөрдү* (Жантөшев).

БУУРЧАК II *зат.* Чанактуу өсүмдүктөрдүн тобуна кирүүчү даны тоголок келген талаа жана огород өсүмдүгү жана анын даны. *Булуңча сепкен буурчакты Алтын деп билген тирпакты* (Тоголок Молдо).

БУУШ буу этишинин кош мамилеси.

БУФЕТ *зат.* 1. Закуска, суусундук же башка жеңил тамак-аш сатуучу чаканыраак жай. *Көчөр бет маңдайдагы буфетти көздөй тура жөнөдү* (Бейшеналиев).

2. Идиш-аяк, кургак, жеңил тамак-аш сакталуучу шкаф. *Ира буфеттен турна моюн фужерден үчөөнү алып, кымыз куйду* (Бейшеналиев).

БУФЕТЧИ *зат.* Буфеттеги сатуучу.

БУХГАЛТЕР *зат.* Бухгалтериялык иштер боюнча адис. *Колхоздун старший бухгалтери. Мекеменин бухгалтери.*

БУХГАЛТЕРИЯ *зат.* 1. Эсеп-кысап иштеринин теориясы жана практикасы.

2. Мекеменин эсеп-кысап ишин жүргүзүүчү бөлүмү.

БУЧКАК *зат.* 1. Теринин шыйрак жаккы ичке бөлүкчөлөрү; булгаарынын, теринин, ушундай бөлүкчөлөрдөн түшкөн майда кесиндилери. [*Кулу калпаным*].. *үстүндө түлкүнүн бучкагынан курап, көк ноотудан тыштап жасалган ичик* (Жантөшев).

2. Жоон сандан төмөн тизеге чейинки аралык. *Бучкагынан аккан тер көбүктөнүп, атандын тостойгон көзү жашылданып калган экен* (Убукеев). [*Назгүлдүн*].. *көмүрдөй кара чачы эки бөлөк өрүлүп, кош мүрүсүнөн бучкагына чейин эңилип турду* (Бейшеналиев).

3. Кийимдин этек жаккы бөлүгү. [*Кементайдын*].. *бучкактарынан сарыккан жаандын суусу тамчылап турат* (Байтемиров).

◆ **Бучкагына теңебөө**— теңсинбөө, киши катарында көрбөө. *Жалгыз келген Семеңди Али да болсо, баатырлар, Бучкагына теңебей* («Семетей»).

БУЧКАКТА *этиш.* 1. Жылдырбоо, бура бастырбоо. —*Карачы, бучкактап бура бастырбай турганын* (Бейшеналиев).

2. Соңунан, артынан такымдап келүү, жетүүгө аз калуу. *Алдындагы үзүндүкыскалууну бучкактап жанаша түшкөнүн өзү да байкас албай калса керек* («Чалкан»).

БУЧУЙ *этиш.* Быйпыюу, мурду кичине, чологураак болуп көрүнүү. *О, бучуйган мышык* (Сыдыкбеков).

БУЧУЙТ бучуй этишинин аркылуу мамилеси.

БУЧУК *зат.* 1. Жугуштуу оорунун кесепетинен мурду бузулган киши. *Сыпайы сырын жашырбайт, бучук мурдун жашырбайт* (макал).

2. Быйпыйган, кетирекей кичине мурун. *Бүкөнтай бучук мурун үч жашар кыз, Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз.* (Осмонов).

◆ **Чала-бучук** — анча-мынча, чала моңол. [*Көчөр, Сатарлар*].. *чала-бучук таныш болуп калган жолдоштор менен да коштошушпады* (Бейшеналиев).

БУЧУЮУ бучуй этишинин кыймыл атоочу.

БУШАЙМАН *такт.* Капа, убара болгондук, саная тарткандык. [*Сүйүмкан*].. *ичинен гана бушайман болуп капаланууда* (Жантөшев).

БУШМАН *зат.* Кайгы, капа, күйүт, өкүнүч, бук. *Көңүлдө далай бушман бар, Көрө албаган душман бар* («Сейтек»). *Мына ушул белгисиз сыр бизди абдан бушманда калтырды* (Караласв).

БУЮГУУ буюк этишинин кыймыл атоочу.

БУЮК *этиш.* Адашуу, бет алды жакка кете берүү. *Түндө короого карышкыр тийип, койлор буюгуп кетиптир* (Сыдыкбеков). *Түз болгурдун малы буюгуп кетер бекен* (Убукеев). *Буюккан тоо кийиктер аскалардан түшүп, бөксөлөргө — ылымтага карай ыкташты* (Аалы).

БУЮКТУР буюк этишинин аркылуу мамилеси.

БУЮМ *зат.* 1. Күндөлүк үй тиричиликте колдонулуучу ар кандай нерсе, мүлк, дүнүйө. *Майда-чүйда буюмдарымдын бардыгын Лайлыкандан берип жибердим* (Жантөшев). *Кычан.. тогоо, илгич өңдүү майда буюмдарды жасап коёт* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Этеме эмес, эч нерсеге турбайт; оной, опоной. *Ушу да буюмбу! Муну ардан бери бүтүрө салбайбызбы* («Ала-Тоо»). [*Күлжан*].. *жаан жааганын буюм көрбөй баратат* (Байтемиров).

◆ **Буюм-тайым** *же* **буюм-терим** — ар түрлүү керектүү нерселер, буюмдар. *Буюм-тайым бар беле? — деди карыган аял* (Убукеев). *Буюм-теримиңерди алып, ушу жерге так саат жетиде даяр болгула* (Таштемиров).

БУЮР *этиш.* 1. Бир нерсени иштөөгө мажбур кылуу, буйрук берүү. *Командир [басмачыларды] опус кылууга буюрду* (Жантөшев).

2. Бирөөнүн насибине, энчисине туура келүү. *Корчубайдын байлыгы канкор даткага да буюрган жок* (Аалы).

БУЮРУУ буюр этишинин кыймыл атоочу.

БУЯМА *зат.* Онтой, мүмкүнчүлүк. *Ширеңке чагууга Каныбектин буямасын келтирбей, үчөө үч жактан кучактап калышты* (Жантөшев). *Буямасы келбеди Жашынып мындай калышка* («Мендирман»).

БҮБҮ *зат. дин.* Шамандык жол менен дарымдап, эмдеп-домдоочу аял, бакшы кемпир.

БҮГҮЛ бүк этишинин туюк мамилеси.

БҮГҮН *такт.* Бул күн, ушул күн. *Бүгүн кызы да, энеси да өзгөчө кубанычтуу, бирине бири абдан ынак* (Айтматов). *Эртең ишгеле турган жумушту бүгүн белгилеп алабыз* (Убукеев).

◆ **Бүгүн-эртең** — жакында, жакын арадын ичинде. *Бейшекени бүгүн-эртең келет дешип, жол карап турушкан чагында кат келди* (Бейшеналиев).

БҮГҮНДҮК *сын.* Бир күнгө жарай турган. *Бүгүндүк эле тамак.*

БҮГҮНКҮ *такт.* Азыркы, үстүбүздөгү. *Бүгүнкү күндүн узундугу бир нече күнгө татыды* (Жантөшев).

БҮГҮШ I *зат.* Бир нерсенин бүгүлгөн, кабатталган, бүктөлгөн жери, тигиш. *Кош этек болбосо да, ошого жакын бүгүштөрү бар* (Сыдыкбеков).

БҮГҮШ II бүк этишинин кош мамилеси.

БҮДӨМҮК *сын.* Күңүрт, ачык эмес, түшүнүгү так эмес. *Бүдөмүк ой. Бүдөмүк кабар.*

БҮДӨМҮКТӨ *этиш.* Күңүрт, ачык эмес, так эмес элестетүү, элеси көрүнүү. *Аскар.. жообуна такалдыбы, айтор, төрт-беш секунтча бүдөмүктөй калды* (Сыдыкбеков).

БҮДӨМҮКТӨН бүдөмүктө этишинин өздүк мамилеси.

БҮДӨМҮКТӨӨ бүдөмүктө этишинин кыймыл атоочу.

БҮДӨМҮКТӨТ бүдөмүктө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮДҮР *сын.* 1. Тегиз эмес, бодур.

2. *өт.* Мал, мүлк, оокат. *Колунда малдан бүдүр жок.*

БҮДҮРӨЙ *этиш.* Майда бүдүр-бүдүр болуп төмпөйүү, бүдүр болуу.

БҮДҮРӨЙТ бүдүрөй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮДҮРӨЙҮҮ бүдүрөй этишинин кыймыл атоочу.

БҮЖҮЙ *этиш.* Бүрүшүү, бөжөйүү, бүрүшкөнсүп көрүнүү.

БҮЖҮҢ: бүжүң-бүжүң этүү — бүрүшкөнсүп, бүжүрөп, бүжүңдөп басуу. *Таманы ооруган кичинелер бүжүң-бүжүң этишип, алдыда баратышты* (Абдумомунов).

БҮЖҮҢДӨ *этиш.* 1. Бүжүң-бүжүң этүү.

2. *өт.* Бөлпөлөңдөп кошоматчылык кылуу. *Колун берип бүжүңдөп, Чуркап мага жеткенде, Жолуң болгур дебедим* (Аалы).

БҮЖҮҢДӨӨ бүжүңдө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЖҮҢДӨТ бүжүңдө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЖҮРӨ *этиш.* 1. Жай, кыбырап басуу, кыбыр иштөө. *Камка бет алдынча бүжүрөп жаткан эле* (Сыдыкбеков). *Башка жолоочулар бүжүрөгөн кемпирге күлө багып карашат* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Бөйпөңдөп жагынуу, бирөөгө кошомат кылуу. *Жума атынан түшө калып, эки колун бооруна алып бүжүрөдү* (Жантөшев). *Улак жанын сабаган болуп бүжүрөй баштады* (Бейшеналиев).

БҮЖҮРӨӨ бүжүрө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЖҮРӨТ бүжүрө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЙРӨ *сын.* 1. Камчыл, тыкан, эптүү. *Керим оокатка бүйрө, тың жигит болчу* (Абдумомунов). *Биздин кишилер ар ишке бүйрө болуш керек* (Сыдыкбеков).

2. Чогуу. *Коюңду андаалатпай, бүйрө жай* (Жантөшев).

БҮЙРӨЛӨН *этиш.* Тармалдануу, чырчыктоо. *Тыбыт жүнү бүйрөлөнүп сеңселеген, Кой-эчкилер жылда түйит эгизден* (Осмонкул). *Бүйрөлөнгөн Ысык-Көл Таңкы желге чайпалды* (Аалы).

БҮЙРӨЛӨНТ бүйрөлөн этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЙРӨЛӨНҮҮ бүйрөлөн этишинин кыймыл атоочу.

БҮЙРҮ бүйүр менен бирдей.

БҮЙҮР I *зат.* Капшыт. *Койлор чубай жибек жүнү сеңселип, Уйлар оттойт бүйүрү чыгып теңселип* (Осмонкул).

◆ **Бүйрү кызуу** — козголуп, кызып кетүү. *Митингини көргөндө Ромичевдин бүйрү кызып, сүйлөгүсү келип кетер эле* (Сасыкбаев).

БҮЙҮР II *этиш.* 1. Майда бүгүштөрүн жыйрып, жыйрып тигүү. *Ал дайым белинен бүйүргөн кара тон кийүүчү* (Сыдыкбеков).

2. Бүрүштүрүү, жыюу. *Уруя.. оозун бүйүрүп.. каалга жакка көз жиберет* (Бейшеналиев).

БҮЙҮРМӨ *зат.* Кийимдеги бүйүрө тигилген тигиш. [*Эне*].. *белине тартынган этеги бүйүрмө, көк ала белдемчиси менен уулунун бети-башын сүртту* («Жаш ленинчи»).

БҮЙҮРМӨЛӨ *этиш.* Бүйрүп, бүйүрмө салып тигүү. *Айша көйнөктүн белин бүйүрмөлөй баштады.*

БҮЙҮРМӨЛӨН бүйүрмөлө этишинин өздүк мамилеси.

БҮЙҮРМӨЛӨӨ бүйүрмөлө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЙҮРМӨЛӨТ бүйүрмөлө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЙҮРМӨЛӨШ бүйүрмөлө этишинин кош мамилеси.

БҮЙҮРТ бүйүр этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЙҮРҮҮ бүйүр этишинин кыймыл атоочу.

БҮК *этиш.* Бүктөө, бүгүш кылып кайыруу; бүктөп чогултуу. *Айганыш.. бүгүп олтурган бутун сунуп жиберип, сыр билгизбей калды* (Сыдыкбеков). *Көйнөгүн белинен бир элиден көбүрөөк бүгүп койду* (Сыдыкбеков). *Эл көчүүгө камынып боз үйлөрүн бүгө баштады.*

◆ **Бүк түшүү** — 1) буттарын бүгүп, көмкөрөсүнөн, бет алдынан бүрүшүп жатуу. *Алачыктан бир аз узады да, бүк түштү* (Аалы); 2) күчтөн тайып же кайгырып, убайым тартып жатып калуу. *Атам ыйлаган бойдон бүк түшүп жатып алды* (Жантөшев). *Илгерки заман болсо, мен эбак бүк түшүп калган болор элем. Эми мен карыгым да, өлгүм да келбейт* (Байтемиров).

БҮКМӨЛӨ *этиш.* Жашырып, жигин билгизбей коюу, тымызын бүтүрө салуу. *Көз көрүнө ишти бүкмөлөп, көпчулуктөн жашыра албай калдык* («Ала-Тоо»).

БҮКТӨ *этиш.* 1. Кайыруу, имерип бүгүү, кабаттоо. *Тентек кыздын колтугунда бүктөп, бүктөп кысып алган жоон топ газети бар* (Сыдыкбеков). [*Капсалаң*].. *ийри-буйру цифраларды түшүргөн жарты баракты бүктөп,.. көк карандаш менен бастырды* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Жоготуу; моюн сундуруу. *Душман жоосун бүктөдү.*

БҮКТӨЛ бүктө этишинин туюк мамилеси.

БҮКТӨЛҮҮ *сын.* Бириктирилген, чогултулган, кабатталган. *Жыйналган шаймандын баары бүктөлүү.*

БҮКТӨМ *зат.* Нерсенин белгилүү өлчөмдө бүктөлгөн абалы. *Малик карбаластап, чөнтөгүнөн төрт бүктөм кагазды сууруп чыкты* («Жаш ленинчи»).

БҮКТӨӨ I *зат.* Бүктөлгөн, кабатталган абал, нерсенин бүктөлгөн жери. *Жибектин бырышкан бүктөөлөрүндө* «Тынч күндөрдөн белек» деген саймасы окулду (Сыдыкбеков).

БҮКТӨӨ II бүктө этишинин кыймыл атоочу.

БҮКТӨТ бүктө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКТӨШ бүктө этишинин кош мамилеси.

БҮКТҮР бүк этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКҮЛҮ *сын.* 1. Бүтүн, майдаланбаган, кесек. *Ай, Сапек, сени тегирменге салса да бүкүлү чыгасың* (Аалы).

2. *өт.* Чечинбестен, кийимчен. *Абды чечинбестен бүкүлү жатып таң атырды* («Ала-Тоо»).

БҮКҮНДӨ *этиш.* Башкалардан обочо туруп алып бир нерсе жөнүндө жашыруун сүйлөшүү; күйпөндөп бир нерсени жашыруу, жашыруун иштөө.

БҮКҮНДӨӨ бүкүндө этишинин кыймыл атоочу.

БҮКҮР *сын.* Аркасы, бели түз эмес, ийилген же оркоюп чыгып турган. *Тердикти бүкүр кемпир Урумкан берген* (Бейшеналиев).

БҮКҮРӨЙ *этиш.* Бүкүр абалда болуу, бүкүр көрүнүү. *Шордуу кемпирдин бели бүкүрөйүп, көзү тикирейип кетти.*

БҮКҮРӨЙТ бүкүрөй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКҮРӨЙҮҮ бүкүрөй этишинин кыймыл атоочу.

БҮКҮРӨКӨЙ *сын.* Бүкүр, бүкүр тарткан.

БҮКҮРӨҢ: бүкүрөң-бүкүрөң — бүкүр кишинин кыймыл-аракети.

БҮКҮРӨҢДӨ *этиш.* Бүкүрөң-бүкүрөң этүү.

БҮКҮРӨҢДӨӨ бүкүрөндө этишинин кыймыл атоочу.

БҮКҮШ *сын.* Бир аз бүкүрөйгөн, бүкүрөйүңкү. *Мына бул калың кабак, оор мүнөз, Кабелтең, бүкүш далы, жүлжүгүй көз* (Абдыраманов).

БҮКЧҮГҮЙ *сын.* Бүкүрөйгөн, бели, аркасы бүкүр. *Олтурган калктын арасында.. бүкчүгүй чалдар да олтурушат* (Абдукаримов).

БҮКЧҮЙ *этиш.* Бүкүрөйүү, эңкейүү. *Карыган уста бүкчүйүп, Капа болуп чүкчүйүп* («Эр Табылды»).

БҮКЧҮЙТ бүкчүй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКЧҮҢДӨ *этиш.* Бүкүрөндөө, бүкүр киши сыяктанып жүрүү. *Кемпирдин баары бүкчүңдөп, Келиндин баары тикчиңдеп* («Эр Табылды»).

БҮКЧҮҢДӨӨ бүкчүңдө этишинин кыймыл атоочу.

БҮКЧҮҢДӨТ бүкчүңдө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКШҮ *этиш.* Сасыган, конурсуган жыт жыттануу. *Үйдүн ичи.. бүкшүгөн тери жыттанат* (Аалы).

БҮКШҮТ бүкшү этишинин аркылуу мамилеси.

БҮКШҮҮ бүкшү этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛ *этиш.* Бүлүнүү, талоонго түшүү, бүлгүнгө учуроо. *Сынбай-бүлбөй бар бекен Бул дүйнөнүн чегеси?* (Токтогул). *Карагыда жүргөнбүз, Жол таба албай бүлгөнбүз* («Жазгыч акындар»).

БҮЛБҮЛ *сын.* Күңүрт, ачык эмес, бүлбүлдөгөн. *Жүрөгүнө дүпөйүл болуп түйүлгөн бир окуя* [*Кычандын*] *көзүнө бүлбүл тартылат* (Бейшеналиев). *А дегенде көздөрү тунарып теребелди бүлбүл көрүштү* (Сыдыкбеков).

БҮЛБҮЛДӨ *этиш.* Күңүрттөнүү, көзгө араң илешкен көрүнүштө болуу, бүлбүл көрүнүү. *Алыстыкта Терек-Ашуу тоосунун чокусу бүлбүлдөгөнсүйт* (Жантөшев). *Чырактын бүлбүлдөгөн жарыгы чагылышкан оор катмар кара май шыбап койгондой жылтыр* (Сасыкбаев). *Түндүк жагымды карасам, бүлбүлдөп кайык көрүндү* («Советтик Кыргызстан»).

БҮЛБҮЛДӨӨ бүлбүлдө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛБҮЛДӨТ бүлбүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛГҮН *зат.* Кыйроо, талоон, бүлүнчүлүк. [*Согуш*] *Бейкут турмуштун ыркын бузат, бүлгүн түшүрөт* (Касымбеков). *Согушта бүлгүн болгон эчен жайлар, Эки эсе мурункудан артык болду* (Үсөнбаев).

БҮЛДӨ *зат.* Кымбат баалуу кездеменин аты.

БҮЛДҮР *этиш.* Бузуу, жараксыз кылуу, кыйратуу. *Илгери болуп келе жаткан ишти кайра кетенчиктетип таштайт. Бүлдүрөт деп, кары башын чайкады* (Убукеев).

БҮЛДҮРГӨ *зат.* Камчынын, дагы ушул сыяктуу сабы бар буюмдун сабына тагылып, колго илип алуу үчүн тагылган боо. *Ичке жылан боордун бүлдүргөсү* [*Нуркасымдын*] *оң колунун ортосуна илинүү* (Сыдыкбеков). *Колдон тайып кетет деп, Коё бүлдүргө тактыган* («Семетей»).

БҮЛДҮРГҮЧ *зат.* Бүлдүрүүчү, кыйратуучу, зыянкеч. *Ойлонбогон бүлдүргүчтүн жүзүндө Түбөлүккө кеткис кара так калды* (Аалы). *Тымызын бүлдүргүч болсом, бул кандай иш болсун?— деп Алыбек.. терең ойлонду* (Жантөшев).

БҮЛДҮРГҮЧТҮК *зат.* Бүлдүрүп кыйратуучулук, бузуучулук, зыянкечтик.

БҮЛДҮРКӨН *зат.* Жерге төшөлүп чыгуучу узун сабактуу чөптүн кара кочкул түстөгү, быдырлуу тоголок жемиши. *Кожогат менен карагат, Бүлдүркөнү дагы бар* (Токтогул).

БҮЛДҮРТ бүлдүр этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛДҮРҮҮ бүлдүр этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛҮДҮРҮШ бүлдүр этишинин кош мамилеси.

БҮЛК: бүлк-бүлк этүү — билинер-билинбес акырын кыймылдоо, акырын кайноо. *Тек ишке, неге мынча күнүлөйт деп, Бүбүшжан бүлк-бүлк этип күлө турган* (Осмонов). *Казанда сүрсүгөн эт бүлк-бүлк кайнап* (Осмонов).

БҮЛКҮЛДӨ *этиш.* Бүлк-бүлк этип кыймылдоо, бүлк-бүлк этүү. *Омордун ээрди бүлкүлдөп, жооп айта алган жок* (Сыдыкбеков).

БҮЛКҮЛДӨК *зат.* Карчыганын майлуу эти. *Карчыганын бүлкүлдөгү.*

БҮЛКҮЛДӨӨ бүлкүлдө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛКҮЛДӨТ бүлкүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛӨ I *зат.* Үй ээсинин багуусундагы кишилер, үй-бүлөнүн мүчөлөрү. *Көп бүлө бир үйдө коломтону тегеректеп, араң сыгылышып отурабыз* (Элебаев).

БҮЛӨ II *этиш.* Бычакты, устараны ж. б. бүлөөгө салып курчутуу, жануу. *Дыйкандар ишке комынып, Кетменин курчка бүлөгөн* (Барпы).

Тилин бүлөө — кургак чечендикке салуу. *Кургак чечен далай-далай сайраган, Тилин бүлөп бекеринен кайраган* (Турусбеков).

БҮЛӨЛҮҮ *сын.* Бүлөсү бар; бүлөсү көп.

БҮЛӨӨ I *зат.* Бычак, устара ж. б. бүлөп курчутуу үчүн колдонулуучу жылма таш. *Кылычтай болгон ак канжар, Бүлөө таш менен кайраган* (Осмонкул).

БҮЛӨӨ II бүлө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛӨТ бүлө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛТҮГҮЙ *сын.* Шишимек, төмпөгөй.

БҮЛТҮЙ *этиш.* Шишимек тартуу, кичине төмпөйгөнсүү. *Уктап, көзү бүлтүйүп калды.*

БҮЛТҮЙТ бүлтүй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛТҮЙҮҮ бүлтүй этишинин кыймыл атоочу.

БҮЛҮК *зат.* Дүрбөлөң, жаңжал, чырчатак. *Жоого бүлүк салуучу, Жоо жүрөгүн алуучу* (Турусбеков). *Аз улутту куткарды Ар бир түрлүү бүлүктөн* («Жазгыч акындар»).

БҮЛҮН *этиш.* 1. Бүлгүнгө учуроо, чабылып-чачылуу. *Компартия, улуу Совет болбосо, Менин элим бүтөт болчу бүлүнүп* (Аалы). *Бүлүнгөндөн бүлдүргө алба* (макал).

2. Ополоң-тополоң болуу, убараланууу. *Силер бүгүн бүлүнүп жаткандар кандай?* («Советтик Кыргызстан»). *Жыйналып чала үйкулуу кемпир-чалдар, Чай коюп, нан бышырып, бүлүнүштү* (Осмонов).

БҮЛҮНДҮР бүлүн этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЛҮНДҮРГҮЧ *сын.* Кыйраткыч.

БҮЛҮНДҮРҮҮЧҮ *зат.* Кыйратуучу, зыяндатуучу. *Акындын ушул ыры 30-жылдары ырдалып, колхоз ишин бүлдүрүүчү-*

лөргө катуу сокку берген ыр катарында баарыга белгилүү (Маликов).

БУЛУНУУ бүлүн этишинин кыймыл атоочу.

БУЛУНЧУЛУК *зат.* Бүлүнгөндүк, бүлүнүп, чабылып-чачылгандык.

БУР I *зат.* Даректардын ж. б. өсүмдүктөрдүн жалбыракта п, көгөрө баштаганга чейинки жаңы бүчүрлөрү. *Куулар кетип, жаңы кетип аңырлар, Бүргун жарып, гүлдөр кезде кайың, тал* (Осмонов).

БУР II *этиш.* Тепчип тиге коюу, илипилип, жеңил-желпи жамай салуу. *Ал жыңайлак кой кайтарып жүргөндө, Мен жанында жыртыктарын бүргөнмүн* (Аалы).

БҮРГӨ *зат.* Секирип жүрүүчү кан соргуч кичинекей мите. *Кантала менен бүргөдөн Каруубуз кетет таланып* (Токтогул).

БҮРГӨН *зат.* Шыбак сыяктуу өсүмдүктүн бир түрү. *Ала барчын айланса, Аралайт түлкү бүргөндү* (Токтогул).

БҮРДӨ *этиш.* 1. Бүр байлоо, бүчүр ачуу, гүлдөй баштоо, жалбырак чыгаруу. *Бүрдөп турган бирин-серин сары тал менен жылгын көрүнөт* (Сыдыкбеков). *Байчечекей гүлдөгөн, Жыгачтын баары бүрдөгөн* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Өсүү, өркүндөө. *Бүрдөсүн өмүр гүлүң гүлкайырдай, Жүрөрмүн жолуң карап көз айырбай* (Нуркамал). *Советтик турмуш гүлдөгөн, Элим жыргап бүрдөгөн* (Барпы).

БҮРДӨӨ бүрдө этишинин кыймыл атоочу.

БҮРДӨТ бүрдө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮРДҮҮ *сын.* Бүрү бар; бүр байлаган. [*Ат*].. *бүрдүү тоютту «күрт-күрт» чайнаган* (Сыдыкбеков).

БҮРК *этиш.* Суу же башка затты абанын кысымы менен сүрдүрүп чачырата себүү (ооз аркылуу, насос же дагы башкача жолдор менен). *Күлжандын сыпайы гана.. мамилеси Сарымсаковдун делебесине муздак суу бүрккөндөй кылды* (Байтемиров).

БҮРКӨ *этиш.* Жабуу, каптоо, чүмкөп, далдалап калуу. *Күндүн жүзүн бүркөгөн, Туман менин колумда* (Тоголок Молдо). *Элечектин үстүнөн кара жоолукту бүркөй салынып.. бараткан картаң аял Шамырбек датканын зайыбы* (Жантөшев).

◆**Кабак бүркөө** — кабагын чытуу, ачууланууу, капалануу. *Сени менен бой тирешип кабак бүркөп жүргүм келбейт* (Сыдыкбеков). *Айша уулуна кабагын бүркөп, эшикке чыгып кетти* (Абдумомунов).

БҮРКӨК I *зат. сүйл.* Түндүк жабуу. *Түндүгүнүн бүркөгүн Сыр найза менен ачты дейт* («Саринжи—Бөкөй»).

БҮРКӨК II *сын.* Булуттуу, тумандуу, булут каптаган, ачык эмес. *Ай караңгы, күн бүркөк* (Осмонкул).

БҮРКӨЛ бүркө этишинин туюк мамилеси.

БҮРКӨЛҮҢКҮ *сын.* Бир аз булуттуу; **бир аз капалуу**. *Күндүн көзү бүркөлүңкү тунарган, Эрдин жүзү каны качып кубарган* («Советтик Кыргызстан»).

БҮРКӨН бүркө этишинин өздүк мамилеси.

БҮРКӨНЧӨК *зат.* Бетти калкалоочу жоолук. *Келинге кылып бүркөнчөк, Табайын мунун эбин* (Тоголок Молдо).

БҮРКӨӨ бүркө этишинин кыймыл атоочу.

БҮРКӨӨЛҮК *зат.* Бүркөлүп тургандык, булут же туман басып тургандык; капаланып же ачууланып тургандык. *Асман бүркөө, бүркөөлүгүн токтотпойт* («Советтик Кыргызстан»).

БҮРКӨТ бүркө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮРКҮМ *зат.* Бир бүркүүгө ылайыкталып алынган суюктуктун өлчөмү.

◆**Бүркүмгө да келбейт** — өтө аз, адам арзыгыдай, жарыгыдай эмес.

БҮРКҮНДҮ *зат.* Бүркүлгөн, бүркүп чыгарылган нерсе (суу же башка зат).

БҮРКҮТ *зат.* 1. Аңчылыкка колдонуучу чоң жырткыч, алгыр куш. *Тоо бүркүтү. Талаа бүркүтү. Бүркүт карыса, чычканчыл болот* (макал).

2. *өт.* Баатыр, кыраан, жүрөктүү, эр. *Мен — бир бүркүт Тянь-Шанда шаңшыган* (Аалы).

БҮРКҮТЧҮ *зат.* Бүркүт таптап, бүркүт салуучу адам. *Алыстан агарып таң сүргөн кезде, Түш болду бүркүтчүгө булар келип* (Бөкөнбаев).

БҮРКҮҮ бүрк этишинин кыймыл атоочу.

БҮРМӨ *зат.* Бүйүрмө, катар-катар салынган бүктөө.

БҮРМӨЛӨ *этиш.* Бүйүрмө салуу, катар-катар бүктөө салуу.

БҮРМӨЛӨН бүрмөлө этишинин өздүк мамилеси.

БҮРМӨЛӨӨ бүрмөлө этишинин кыймыл атоочу.

БҮРМӨЛӨТ бүрмөлө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮРСҮГҮНҮ *такт.* Бүгүн менен эртеңден кийинки үчүнчү күн. *Бүрсүгүнү өндүрүштү мамлекеттин карамагына өткөрүү жөнүндө маселе чечилет экен* (Сасыкбаев).

БҮРТҮЙ *этиш.* Кичинекей төмпөк, бүртүк болуп чыгуу, көтөрүлүү.

БҮРТҮЙТ бүртүй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮРТҮЙҮҮ бүртүй этишинин кыймыл атоочу.

БҮРТҮК *зат.* Бүртүйгөн тоголок нерсе, бүдүр, майда быдыр.

БҮРҮШ I *сын.* 1. Чүрүшкөн, майда, жакшы толбогон. *Даны бүрүш буудай.*

2. *өт.* Берекеси жок, катуу, тар (адамдын мүнөзү жөнүндө).

БҮРҮШ II *этиш.* Чүрүшүү, жыйрылуу, куушурулуу, курушуу. *Күн да тийди. Жылый албай үшүгөндөр бүрүштү* (Аалы).

БҮРҮШТӨ *этиш.* Бүжүрөп араң басуу, кыймылдоо. *Өз бутуна өзү чалына жаздап бүрүштөй кибиреп калды* (Байтемиров). *Арчатору жаныбар, Бүрүштөй басып жорголоп* («Эр Табылды»).

БҮРҮШТӨӨ бүрүштө этишинин кыймыл атоочу.

БҮРҮШТҮР бүрүш этишинин аркылуу мамилеси.

БҮРҮШҮҮ бүрүш этишинин кыймыл атоочу.

БҮРЧҮК *зат.* Бүчүр, бүр. *Бүрчүк байлап, гүл ачты, Кыркылган токой, далай чер* («Кыргыздын эл акындары»).

БҮТ I *такт.* Бардык, бүткүл, чогуу, толугу менен. [*Тенти*].. *ар бирибиздин кыял-жоругубузду бүт билчү* (Бейшеналиев). *Сен күйгүзгөн шам чырак Бүт дүйнөдө жагылар* (Бөкөнбаев).

БҮТ II *этиш.* 1. Аяктоо, аягына жеткире иштөө, иштеп аткарып болуу. *Колхозубуздун жаштары онунчу классты бүткөндөн кийин, шаардан окууга кетишти* (Убукеев).

2. Түгөнүү, жок болуу; өтүп кетүү. *Кымызды бүтөт деп ойлобогула!* (Сыдыкбеков). *Мезгилиң бүттү, сен тынч алып жаткын, аба, Кезекти берип мага* (Борбугулов).

3. Пайда болуу, жаралуу; түйүлүү. *Жаман атка жал бутсө жанына торсук байлатпайт* (макал). *Булуттан чыккан айдайым, Бууданбүткөн тайдайым* (Аалы). *Эр Манас бойго бүткөнү Тамам үч ай өтүптүр* («Манас»).

4. Айыгуу, калыбына келүү. *Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт* (макал).

5. Бүтөлүп, жылчыксыз болуп бекип калуу. *Ийненин көзү бүтүп, учук өткүс болуп калды* («Ала-Тоо»). *Бүгүн башым ооруп, мурдум бүткөнсүп калыптыр* («Советтик Кыргызстан»). [*Жумагул*].. *барабара үнү бүтүп кезек-кезек гана үн чыгып, шалкайып калды* (Байтемиров).

6. Биротоло жок болуу, ойрондолуу, чегине жетүү. *Ишибиз бүткөн экен. Курулай аракеттин пайдасы жок* («Ала-Тоо»). *Өзүбүз бүттүк жүдөп* (Шүкүрбеков).

БҮТКӨР бүтүр менен бирдей.

БҮТКҮЛ *зат.* Бардык, баары, баарысы. *Сүлүктүнүн кара алтыны бүткүл өлкөбүздүн өнөр жай ишканаларынын кан тамырларына күч берет* (Сасыкбаев).

БҮТӨ *этиш.* 1. Түюктоо, тосуу, толтуруу; ондоо, түзөтүү. *Жамап-жазгап, кийим-кечегибизди бүтөп алгыча коё турат бекен?* («Ала-Тоо»). *Катуу согуш болду эми. Топурак учуп, чаң каптап, Адамдын көзүн бүтөдү* («Манас»).

2. Бүтүрүү, басуу, тыюу. *Жакшы жигит белгиси Айылдан чыккан чатакты Жайлаштырып бүтөгөн* (Осмонкул).

БҮТӨЛ бүтө этишинин туюк мамилеси.

БҮТӨӨ бүтө этишинин кыймыл атоочу.

БҮТӨТ бүтө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮТӨШ бүтө этишинин кош мамилеси.

БҮТҮГҮЙ *сын.* Кичине жылчыктуу, бүтүк сыяктуу. *Кадыр орто бойлуу, ирең кызыл тору, бүтүгүй көздөру мурдагысындай эле оттуу жана шок* («Ала-Тоо»).

БҮТҮЙ *этиш.* Эң эле кичине жылчыктуу болуп көрүнүү, бүтүгүй тартуу. *Көздөру көр чычкандын көзүндөй бүтүйдү* (Жантөшев).

БҮТҮЙТ бүтүй этишинин аркылуу мамилеси.

БҮТҮК *сын.* Бүтүйгөн, бүтүп калгансыган. *Жүлжүйөн бүтүк көздөрүн жылтыратты* (Сыдыкбеков).

БҮТҮМ *зат.* Чечим, макулдук, кеңешип чечилген жыйынтык. *Кагыштырган да, чабыштыраң да өзүлөрү, кайра чогулуп бүтүм кылган да өзүлөрү* (Убукеев).

БҮТҮН *сын.* 1. Сынбаган, сыныгы жок, туташ, жыртылбаган. *Үй ичи тың, киими бүтүн, Эгини мол, карды ток* (Нуркамал). *Терезенин.. төрт көзүнүн тең айнектери бүтүн* (Сыдыкбеков).

2. Бүткүл, бардык, бүт. *Бүтүн дүйнө бир кишидей сүйлөшөт деген эле ушул* (Сыдыкбеков). *Бүтүн дүйнө бизге гана таянат* (Аалы).

БҮТҮНДӨ *этиш.* Жамоо, жамап-жазгоо, ремонттоо.

БҮТҮНДӨӨ бүтүндө этишинин кыймыл атоочу.

БҮТҮНДӨТ бүтүндө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮТҮР бүт этишинин аркылуу мамилеси.

БҮТҮРҮҮЧҮ *зат.* Аяктоочу, бүтүрүп чыгуучу. *Окууну бүтүрүүчүлөр менен болгон аңгеме. Бүтүрүүчү курстар.*

БҮТҮҮ бүт этишинин кыймыл атоочу.

БҮЧҮ *зат.* Байлаштырып, бүчүлөп коюу үчүн кийимге, жаздык капка тагылуучу кичине боо, бүчүлүк. *Көйнөгүнүк бүчүлөрүн чечти да, Азга отурду ой токтотуп, салкындап* (Маликов).

БҮЧҮЛӨ *этиш.* Бүчүсүн байлоо, бай лаштыруу. *Жагжайган төшүн бүчүлөп, кашаң жээрдеге камчы басты* («Ала-Тоо»).

БҮЧҮЛӨН бүчүлө этишинин өздүк мамилеси.

БҮЧҮЛӨӨ бүчүлө этишинин кыймыл атоочу.

БҮЧҮЛӨТ бүчүлө этишинин аркылуу мамилеси.

БҮЧҮЛҮК *зат.* Топчулоо, бүчүлөө үчүн тагылган илмек, бүчү. *Сатай бүчүлүгүн кармап, босогого жөлөндү* (Сыдыкбеков).

БҮЧҮР *зат.* Даректардын жалбырак, бүр ачуучу майда бүртүгү. *Алма бүчүрү. Даректын бүчүрлөрү.*

БҮЧҮРЛҮҮ *сын.* Бүчүрү бар; бүчүр байлаган. *Карагайдын.. бүчүрлүү бутактары жайылып, кээде теңселип шуулдай берет* (Сыдыкбеков).

БҮШҮРКӨ *этиш.* Чала тааануу, ачык эмес элестетүү. *Демек, бул жигит да мени бүшүркөп жатса керек* (Шимеев). *Менин ким экенимди билбей, Күмүшай апа а дегенде бушүркөй түштү* (Абдумомунов).

БҮШҮРКӨӨ бүшүркө этишинин кыймыл атоочу.

БЫГУУ бык этишинин кыймыл атоочу.

БЫДЫ: быды-быды этүү— ачык эмес, даана эмес, так эмес айтуу, сүйлөө. *Билбейсиң да анан быды-быды этесиң* (Байтемиров).

БЫДЫЛДА *этиш.* Тез, өтө бат сүйлөө, быды-быды этүү. *Жылпар колдорун арка-*

сына жашырып, быдылдап бат-бат айтты (Сыдыкбеков).

БЫДЫЛДАТ быдылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫДЫЛДОО быдылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫДЫР *зат.* 1. Бир нерсенин бетиндеги томпогу, бүдүрү. *Бетинде канча бедер болсо быдыр, Ошончо ак чач тарых айтат шыбыр* (Аалы).

2. *өт.* Мал-мүлк, дүнүйө. *Колунда быдыры жок бечаралар* (Маликов).

БЫДЫРА *этиш.* Дыбыроо, дыбыраган үн чыгаруу. *Октору танканын капталында мөндүрдөй быдырады* (Аалы).

БЫДЫРАТ быдыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫДЫРОО быдыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЖ: быж-быж этүү — 1) быжылдап кайноо, ачуу (мис., бозо, жарма); 2) кыжылдоо, быкылдоо. *Бар жандык быж-быж, Кайнашып кыж-кыж, Базары жаздын кызыган* (Элебаев).

БЫЖЫ *зат.* Жаңы союлган койдун боорун чийкилей эзип, ич майдан майдалап туурап жана пияз, калемпир, айрым учурда күрүч аралаштырып, мөөнгө салып бышыруучу тамак.

БЫЖЫГЫР бужугур менен бирдей.

БЫЖЫЛДА *этиш.* 1. Быж-быж этүү, быж-быж этип кайноо, кыжылдоо. *Бозо быжылдап ачыйт.*

2. Быкылдап, кыжылдап добуш салуу, аябай көп көрүнүү, жайноо. *Мына ошондо калың таранчы быжылдаса, боз чаар тартып акырдын ичинде жан киргендей* («Советтик Кыргызстан»). *Кара курттай быжылдайт* («Манас»).

3. Майдалап көп сүйлөө, маңызануу.

БЫЖЫЛДАТ быжылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЖЫЛДОО быжылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫЖЫРА *этиш.* 1. Жайноо, өтө эле көп болуу, быжылдоо. *Дарбыз, коон быжырап, Жатышат сайдын ташындай* (Бөкөнбаев).

2. Кубулжутуп сайроо. *Тили чыгып быжырап, Абага торгой сермелди* (Шүкүрбеков).

3. Майдалап сүйлөө.

БЫЖЫРАТ быжыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЖЫРОО быжыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЙПЫГЫЙ *сын.* Быйпык. [*Жумагүлдүн*].. *мурду быйпыгый, эриндери жука* (Шимеев).

БЫЙПЫЙ *этиш.* Мурду быйпык болуп көрүнүү, быйпыгый тартып туруу. *Керимахун ачуусуна чыдабай, быйпыйган мурдун кармап-кармап койду* (Жантөшев).

БЫЙПЫЙТ быйпый этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЙПЫК *сын.* Жалпагыраак келген, быйпыгый (мурун жөнүндө). *Алик алдык. Кубаныч бардай сезилди, Быйпык мурун кара тору жүзүндө* (Осмонкул).

БЫЙПЫЮУ быйпый этишинин кыймыл атоочу.

БЫЙТЫЙ *этиш.* Кичинекей болуу, кенедей болуу. [*Шарип*].. *быйтыйган алакандын ичине жазылган «Байке, жакшы оку! Сүйүн» — деген сөздү окуп, бырс күлүп жиберди* (Бейшеналиев).

БЫЙЫЛ *такт.* Бул жыл, үстүбүздөгү жыл. *Быйыл да эгинди жер көтөрө албай калсын!* (Сыдыкбеков).

БЫК I быкы менен бирдей.

БЫК II: бык-бык — 1. Быкылдап жайнаган, аябаган көп. *Залдын ичинде калк бык-бык.*

2. Акырын дабыш менен кайноо. *Казандагы эт бык-бык кайнайт.*

БЫКПЫР *зат.* Көп, мол, аябай көп. *Чабактар.. Нарын куймасына жакын быкпыр дейт* (Бейшеналиев).

БЫКСЫ *этиш.* Сасуу, жагымсыз жыт, ыш чыгаруу.

БЫКСУУ быксы этишинин кыймыл атоочу.

БЫКСЫТ быксы этишинин аркылуу мамилеси.

БЫКШЫ быксы менен бирдей.

БЫКШУУ быкшы этишинин кыймыл атоочу.

БЫКШЫТ быкшы этишинин аркылуу мамилеси.

БЫКЫ I *этиш.* Жайноо, көп, мол болуу. *Ойлосом, өлкөбүздүн таалайы кең, Бетинде Быкып жүргөн эмгекчи эл* (Турусбеков).

БЫКЫ II: быкы-чыкы — майда-чүйдө, андай-мындай. *Бугимов болсо ички сырын.. быкы-чыкысынан өздө Маниловскийге сүйлөөнү каалаган жок* (Сасыкбаев).

БЫКЫЛДА *этиш.* 1. Жайноо, өтө көп болуу, бык-бык этүү. *Кичине аянтчага эл быкылдап толгон* (Жантөшев). *Жайылып эчки-койдой кекилик, чил Быкылдап, капталдарды каптап жаткан* (Маликов).

2. Бык-бык этип кайноо. *Самоор быкылдайт.*

БЫКЫЛДАТ быкыла этишинин кыймыл атоочу.

БЫКЫЛДОО быкыла этишинин кыймыл атоочу.

БЫКЫН *зат.* Сүбөөнүн алды жагы. *Башкарманын быкынына үч колду бир батырайын* (Сыдыкбеков). *Оң колун быкынына таяды.*

БЫЛБЫРА *этиш.* Бош, былбырак тартып туруу, жумшак болуу. *Камка картаң чынысын дасторконго коюп, былбыраган билегин калчылдатып, мыскал жакка кол созду* (Сыдыкбеков). *Эти жумшак былбырап, Шишиген жерлер кыбырап* («Эр Табылды»).

БЫЛБЫРАҢ *сын.* Былбыраган, жумшак, бош. *Жаак эти былбырак, денеси бош абышканын кейпинен күйүттүн белгиси ачык эле байкалып турат* («Ала-Тоо»).

БЫЛБЫРАТ былбыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛБЫРОО былбыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛГЫ *этиш.* Бузуктук, арамдык ш...

ке баруу, былык салуу *Баары былгыды* («Ала-Тоо»).

БЫЛГУУ былгы этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛГЫТ былгы этишинин аркылуу мамилеси

БЫЛДЫРА *этиш.* 1. Ачык эмес сүйлөө, даана эмес сүйлөө. *Былдырап келе жатып Эркин жыгылып ыйлап жиберди* (Жантөшев). *Алар фин тилинде бат-бат сүйлөп, былдырап бирдеме деп жооп беришти* («САЖИ»).

2. Күңүрт үн чыгаруу. *Түркүн куштар өзүнчө чуу, Бирдемелеп былдырап* (Аалы). *Эзелден агат чарчабай, бирдеме сүйлөп былдырап* (Аалы)

БЫЛДЫРАТ былдыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛДЫРЛА былдыра менен бирдей.

БЫЛДЫРОО былдыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЖЫ *этиш.* Сасык жыттануу.

БЫЛЖЫР *зат.* Өсүмдүктүн жана айбандардын клеткалары бөлүп чыгаруучу илээшме жана жылбышкак зат.

БЫЛЖЫРА *этиш.* 1. Ылжыроо, эзилүү, суу болуу, жабышкак, илээшме зат чыгуу. *Ичегим шишип ылжырап, Ич этим калды былжырап* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Сандырактоо, даамсыз, маанисиз кеп сүйлөө, болбогон нерсени айтуу. *Эчтеке билишпей, бирдемелерди былжырашып, кишинин жинин келтиришет* (Бейшеналиев).

БЫЛЖЫРАК *сын.* 1. Былжыраган, эзилген. *Былжырак топурак. Былжырак камыр.*

2. *өт.* Жүүнү бош. «*Үфү, үфү*» *лөп үстүнө үйрүлө беришип, балдарын арпа жарманын каймагындай былжырак өстүрүп алышат* (Сыдыкбеков).

БЫЛЖЫРАТ былжыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛЖЫРОО былжыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛК: былк-былк этүү — тартылып, ордунан козголуп кыймылдоо, кыймылга келүү. *Бошогон тиштерин копшосо, былк-былк этип турат* («Ала-Тоо»).

БЫЛКЫЛДА *этиш.* Солкулдоо, кыймылдоо, былк-былк этүү. *Бирок алды былкылдаган сазөкөн* («Советтик Кыргызстан»). *Кызгалдак чөбү кылкылдап, Кымыздык чөп, ышкыны—Тегиз бышып былкылдап* («Манас»).

БЫЛКЫЛДАК *сын.* Былкылдап турма, солкулдак. *Былкылдак куурай бышыча, Мийзамдын гүлү учкуча, Мыктап жатып уруштук* («Манас»). *Былкылдак жумшак отургуч үстүнө барып отуруп* (Токтомушев).

БЫЛКЫЛДАТ былкылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛКЫЛДОО былкылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛП: былп-былп этүү — жумшак, былбырак болуу, былбыроо.

БЫЛПЫЛДА *этиш.* Жумшаруу, былпбылп этүү, былбыроо.

БЫЛПЫЛДАТ былпылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛПЫЛДОО былпылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛТЫЙ *этиш.* 1. Илээшип, абдан коюу болуу.

2. *өт.* Абдан семирип, бети өтө толук көрүнүү.

БЫЛТЫЙТ былтый этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛТЫР *такт.* Өткөн жылы, азыркы учурдан бир жыл мурун. *Былтыр болгон иштер. Былтыр аткарылган план.*

БЫЛТЫЮУ былтый этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЧ *туур.* Жумшак нерсенин катуу урулганда, чапканда же үстүнө бирдеме түшкөндө чыккан дабышы. *Былч дей түштү. Былч эттире коюп жиберүү.*

БЫЛЧЫГЫЙ *сын.* Жапалдаш бойлуу келген семиз, былчыйган.

БЫЛЧЫЙ *этиш.* 1. Жалпаюу, жалпая басылып калуу. *Буту былчыя түштү* («Советтик Кыргызстан»).

2. Өткөрө семирип кетүү, жоонюу. *Былчыйып баса албаган арам тамак зулумдарга жол жок!* («Ала-Тоо»).

БЫЛЧЫЙТ былчый этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛЧЫЛДА *этиш.* 1. Былч-былч этүү. *Бир чайнасаң май чайна, былчылдасын оозуңда.*

2. Чылпылдап тердөө, суу болуу, алкашалка түшүү. *Этек-жеңи делдеңдеп, Терге жуулуп былчылдап, Коркконунан кылчылдап, Келер менен кеп айтат* (Аалы).

БЫЛЧЫЛДАТ 1. **былчылда** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Аябай сабоо, тепкилөө, жанчуу. *Былчылдата сабоо. Былчылдатып уруу.*

БЫЛЧЫЛДАШ *этиш.* Аябай сабашуу тепкилешүү, катуу салгылашуу. *Маңдайлашып турушуп, Былчылдашып урушуп, Каргышты катуу салалы* («Сейтек»).

БЫЛЧЫЛДОО былчылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЧЫРА *этиш.* Талкалануу, майдалануу, кыйроо. *Былчыраган шыйрак бери жакка ыргыды* («САЖИ»).

БЫЛЧЫРАТ былчыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЛЧЫРОО былчыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЫГҮҮ былык этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЧЫЮУ былчый этишинин кыймыл атоочу.

БЫЛЫК I *зат.* Бузукулук, арамзалык, арамдык. *Биринчи айларда Сайра тузук эле, бирок кийинчерээк кылыгы чыгып, былыгы чубала бербедиби* (Касыбеков).

БЫЛЫК II *этиш.* Ыпластануу, булгануу, балит болуу, жаман жыттануу. *Үдүн ичи былыгып кетти.*

БЫЛЫКТЫР былгыт менен бирдей.

БЫР I *зат.* Майда кыпын, күкүм, чаң. *Кийим-кечениң быры.*

БЫР II: быр-быр этүү — бырылдоо

БЫРБЫГЫЙ *сын.* Мурду чүрүшкөн, бырбыйган.

БЫРБЫЙ *этиш.* Мурду, бети-башы чүрүшкөн, жыйрылган абалда болуу.

БЫРБЫЙТ бырбый этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРБЫҢ: бырбың-бырбың— бырбыйган, бырбыгый кишинин сүйлөшү, көрүнүшү.

БЫРБЫҢДА *этиш.* Бырбың-бырбың этүү.

БЫРБЫҢДАТ бырбыңда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРБЫҢДОО бырбыңда этишинин кыймыл атоочу.

БЫРБЫЮУ бырбый этишинин кыймыл атоочу.

БЫРК: бырк-бырк этүү — боркулдагандай дабыш менен кайноо.

БЫРКЫЛДА *этиш.* Бырк-бырк этүү, бырк-бырк этип кайноо.

БЫРКЫРА *этиш.* Майдаланып, бычырап талкалануу. *Таш быркырап, топурак Кочкул болуп жуурулду* (Аалы). *Каалгадай кашка тиш Таруудай болуп быркырап* («Манас»).

БЫРКЫРАТ быркыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРКЫРОО быркыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫРП *туур.* Быр этүү, быр эткен дабыш чыгаруу. *Бырп этип аяк астынан чымчык учса, элире чаап Окжетпес алыс кетсе, аны чакырып, Динар өзү да ашыга басууда* (Сыдыкбеков). —*Бөдөнө бырп учканда жанагы.. машкеси.. кыңшылап жөнөбөдүбү* (Сыдыкбеков).

БЫРПЫЛДА *этиш.* Бырп-бырп этүү.

БЫРПЫЛДАТ бырпылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРПЫЛДОО бырпылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫРПЫРА *этиш.* Дирилдөө, бырп-бырп этүү, бырпылдоо. *Бөдөнө бырпырап тез алыстады* (Сыдыкбеков). *Бырпырап жаткан кекиликтерди көрөсүң* (Сыдыкбеков).

БЫРПЫРАТ бырпыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРПЫРОО бырпыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫРС I *туур.* 1. Күлкүнүн чукул жана кыска чыкканын мүнөздөйт. *Омордун суроосуна Сартбаев бырс күлдү* (Сыдыкбеков). *Салтанат бырс этип күлүп жиберди* («Ала-Тоо»).

2. Жарылуу, сынуу аркылуу чыккан тырс дегендей дабышты билдирет.

БЫРС II мыш II менен бирдей.

БЫРТЫГЫЙ *сын.* Кыска, кодоо, быртыйган.

БЫРТЫЙ *этиш.* Буту-колу кыска болуп кичине көрүнүү, кодоюу, мыртыюу. [*Атабек*].. *быртыйган эттүү колдору менен маасысынын кончун черткилеп, эки жагындагыларга.. карайт* (Жантөшев). *Чөндөлөйдөй быртыйып, Төрдөн бирөө сүйлөдү* (Аалы).

БЫРТЫЙТ быртый этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРТЫЮУ быртый этишинин кыймыл атоочу.

БЫРЧА: бырча-бырча — майда бөлүкчөлөргө айлантуу, майдалоо, бөлүп-бөлүп салуу. [*Журтбек*].. *сумкасынан бир барак кагазды алып бырча-бырча тытты* (Бейшеналиев).

БЫРЧАЛА *этиш.* Майдалоо, бөлүп-бөлүп таштоо. *Жоолугун алып бырчалап айырды* («Ала-Тоо»).

БЫРЧАЛАН бырчала этишинин өздүк мамилеси.

БЫРЧАЛАТ бырчала этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРЧАЛОО бырчала этишинин кыймыл атоочу.

БЫРЫКСЫ *этиш.* Чаңдоо, быр болуу топурап кетүү. *Үйдүн ичи бырыксып быр айланды да калды* («Советтик Кыргызстан»).

БЫРЫКСУУ бырыксы этишинин кыймыл атоочу.

БЫРЫКСЫТ бырыксы этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРЫЛДА *этиш.* 1. Уктаганда, дем алганда мурун быр-быр этүү, аттын таноосу быр-быр этүү. *Бырылдап уктап жаткан Атайды мурунга чертиңиз* (Бейшеналиев).

2. Кыйналуу, чабалдык кылуу, ыйлактоо. *Бырылдап отунун көтөрө албай келаткан балдар жаанда калышты* («Ала-Тоо»).

БЫРЫЛДАК *сын.* Мурду бырылдап калган, бырылдаган.

БЫРЫЛДАТ бырылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРЫЛДОО бырылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫРЫҢДА *этиш.* Ыйлактоо, бышактоо, жалакайлануу. *Бырыңдаганыңды койчу ой, сен* («Ала-Тоо»).

БЫРЫҢДАТ бырыңда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРЫҢДОО бырыңда этишинин кыймыл атоочу.

БЫРЫШ I *зат.* 1. Адамдын бетине, маңдайына пайда болуучу тырыш, катмар. *Аалыбайдын маңдайындагы бырышы жазылып, тиштери кашкая түштү* (Абдумомунов).

2. Жазы, жука нерсенин (кездеменин ж. б.) уйпаланган, бүктөлүп, жыйрылып калган жери. *Кагаздын бырышы. Көйнөктүн бырышы.*

БЫРЫШ II *этиш.* Чүрүшүү, жыйрылуу, бырыш болуу. *Анын бүкүр мурдунун устү бырыша түштү* (Сыдыкбеков).

БЫРЫШТУУ *сын.* Бырышы бар, бырыш баскан, бырышы көп. *Бырыштуу күлүңдөгөн нур бетинде, Жаркырайт бактылуунун элеси ойноп* (Шимеев).

БЫРЫШТЫР бырыш этишинин аркылуу мамилеси.

БЫРЫШУУ бырыш этишинин кыймыл атоочу.

БЫТ: быт-чыт 1. Быркыроо, талкалануу, бырын-чырыны чыгуу. *Балта тийип ал дөңгөч, Быт-чыт болуп бөлүндү* («Эр Төштүк»). *Бутта кишен, колдо жип, Быт-чыт болуп кыйраса* (Каралаев).

2. Чак-челекейи чыгуу, бытырап кетүү. *Табылды жакындап келгенде токтоно ал-*

бай калмактар быт-чыт болду («Эр Табылды»). *Кетишти быт-чыт болуп алды-алдынан, Көргөндө совет элдин баатырларын* (Осмонкул).

3. өт. Тамтыгы калбай жыртылуу.

БЫТКЫЛ *зат.* Тегиз, түз эмес, адырбудур, жыбыт-жылга. *Адыр-кудур бытқылга Айдап кирди жылкыны* («Эр Төштүк»). *Улам мен көрбөгөн бытқылдар пайда болууда* (Жантөшев).

БЫТМЫЙ *зат.* Былтыйган коюу тамак (ботко ж. б.).

БЫТПЫЛДЫК *сырд.* 1. Бөдөнөнүн сайрагандагы дабышы, үнү. *Жаткан жерин жазгырып, «Бытпылдык» деп бакырып, «Бытпылдык» деген табышы Чөптү кетет жапырып* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Бөдөнө. *Бытпылдык учуп бырпырап* (Элебаев).

◆**Бытпылдык уруу** — узунунан түшүп, эки бут менен сууну шарпылдата уруп сүзүү.

БЫТПЫЛДЫКТА *этиш.* «Бытпылдык, бытпылдык» деп сайроо. *Жаткан жерин жазгырып, Бытпылдыктап бакырып* (Тоголок Молдо).

БЫТПЫЛДЫКТАТ бытпылдыкта этишинин аркылуу мамилеси.

БЫТПЫЛДЫКТОО бытпылдыкта этишинин кыймыл атоочу.

БЫТЫГЫЙ *сын.* Кыска, кичинекей. *Кайсы бир бурамаларды бытыгый колу менен бурап-бурап бекитүүгө тырышат* (Таштемиров).

БЫТЫРА I *зат.* Майда жаныбарларга, канаттууларга аңчылык кылууга ылайыкталган, чачылып тийүүчү майда шарик сыяктуу ок; чачма.

БЫТЫРА II *этиш.* Туш-тушка тароо, бөлүнүү, алды-алдынан кетүү, чачыроо. *Бир аздан кийин.. баарыбыз бытырап тарай баштадык* (Элебаев).

БЫТЫРАЙ *этиш.* Бытыйып кичине көрүнүү. *Ал бытырайган колдорун илгери сунду.*

БЫТЫРАЙТ бытырай этишинин аркылуу мамилеси.

БЫТЫРАНДЫ *сын.* Чачыранды, чогуу эмес, анда-мында бытыраган. *Бытыранды чарба. Бытыранды көчмөн эл.*

БЫТЫРАТ бытыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫТЫРАЮУ бытырай этишинин кыймыл атоочу.

БЫТЫРОО бытыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫЧ *этиш.* 1. Кийим тигүүгө ыйгарылган материалды кийимдин формасына, өлчөмүнө ылайыктап кесүү.

2. Биттөө, энин алуу. *Козу менен кочкорду, Баарын бычып саламын* («Манас»).

3. Белгилөө, аныктоо. *Сиз менин акымды азыр бычпаңыз* (Жантөшев). *Анда мунун күнүн бычып койгула* (Жантөшев).

БЫЧАК *зат.* 1. Кесүү үчүн колдонулуучу миздүү, сабы бар курал. *Маки, бычактарын чыгарып, дасторкон үстүнө таштап, эттин келишин күтүштү* (Убукеев).

2. *өт.* Абдан каршы. *Аш казаны ооруган кишиге арак—бычак.*

◆**Бычакка саптык** — бир нерсеге жарай турган, жөндөмү, кайраты бар. *Бычакка саптык уулуң жок, Кайгырып жашым төгүлдү* («Эр Табылды»). **Бычактай тийүү** — өтө катуу тийүү. [*Батыш*].. *эринин абалын көрүп турат, ага ороюраак сүйлөгөн сөз бычактай тиерин сезет* (Байтемиров). *Кыштын ызгаардуу суугу да ач курсакка бычактай тиет* (Баялинов). **Азуусу бычак** — каардуу, ачуулуу, ырайымсыз. *Азуусу бычак залимден Айдалып атаң тарп болгон* (Токтогул). **Кырды бычак** — абдан каршы, кас, бирин-бири көрө албаган. *Мен аны менен кырды бычакмын.* **Бычак сырты** *к.* **сырт. Бычактын мизинде** — кыйынчылыкта, оор абалда.

БЫЧАКТА *этиш.* Бычак менен сайгылоо, бычак салуу.

БЫЧАКТАТ бычакта этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЧАКТАШ *этиш.* Бири-бирине бычак салышып урушуу.

БЫЧАКТОО бычакта этишинин кыймыл атоочу.

БЫЧАН *зат. диал.* Чөп, чөптөн даярдалган тоют.

БЫЧМАЛ *сын.* Бычылган, биттелген. *Бычмал оопаз.*

БЫЧМАЧЫ *зат.* Кийим бычуучу. *Ар бир.. бычмачы өз участогунда конвейерге үлгүрүп иштеши зарыл* (Сасыкбаев).

БЫЧТЫР быч этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЧУУ быч этишинин кыймыл атоочу.

БЫЧЫЛ быч этишинин туюк мамилеси.

БЫЧЫРА *этиш.* Майдалануу, күкүмдөлүү, талкалануу.

БЫЧЫРАТ бычыра этишинин аркылуу мамилеси.

БЫЧЫРОО бычыра этишинин кыймыл атоочу.

БЫШ I *этиш.* 1. Кайноо, кууруу, отко какталып ысык өтүү ж. б. аркылуу жешке жароо, жешке даяр болуу. *Эт бышып, колго суу куюла баштаган кез эле* («Ала-Тоо»).

2. Өсүмдүктөр жетилип, жешке, оруужыюуга ж. б. даяр болуу. *Алма бышты. Коон-дарбыз бышты.*

3. өт. Такшалуу, жетилүү, үйрөнүү, маш болуу. *Күрөштө жеден бышкан балбан колдор Турмуштун дарбазасын ачкан тура* (Турусбеков). *Жумушка бышкан бала. Турмушка башы бышкан.*

◆**Күйүп-бышуу** *к.* **күй II.**

БЫШ II *этиш.* 1. Кымызга жаны сүт күйганда же майды бөлүп алууда бишкек менен ургулоо, ургулап аралаштыруу. *Сүттү сабага куяры менен алмак-салмак бышышат* (Аалы).

2. Саюу. *Найзалап бышып өлтүрдү Арачачы энемди* («Мендирман»).

БЫШ III: быш-быш — дем алганда, демиккенде, жел чыкканда пайда болгон бышылдаган дабыш. *Быш-быш этken муодун эчтеменин жытын сезбейт* («Чалкан»).

◆**Быш этпөө** — тоотпоо, сезип да койбоо.

БЫШАКТА *этиш.* 1. Мурдун быш-быш эттире, шуулдата тартып ыйлоо, бышан-

доо. *Токтогул.. энесинин мойнун кучактап бышактап ыйлай баштады* (Аалы). *Бурмаке байкуш кошо ыйлайт, Мурдун тартып бышактап* (Осмонкул).

2. Ыйламсыроо, жалакайлануу, кайраты жоктук кылуу. *Отун-сууга жумшасаң, бышактап атып арақ барат* («Чалкан»).

БЫШАКТАТ бышакта этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШАКТОО бышакта этишинин кыймыл атоочу.

БЫШАҢ: бышаң-бышаң этүү — акырын бышактап ыйлоо. *Бышаң-бышаң ыйлап мурдун шуу тартат.*

БЫШАҢДА *этиш.* Бышактоо. *Түлкү қыңылдап ырдап коёт, Бышаңдап ыйлап коёт* (Шүкүрбеков).

БЫШАҢДАТ бышаңда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШАҢДОО бышаңда этишинин кыймыл атоочу.

БЫШАР *этиш.* Ысык сууга күйгөнсүп агаруу, кубаруу. *Сол жаккы этегинин алдынан Эркиндин кири кетип бышарган бутунун оң бармагы көрүнүп турат* («Советтик Кыргызстан»).

◆**БЫШАРТ бышар** этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШАРУУ бышар этишинин кыймыл атоочу.

БЫШҚЫР *этиш.* 1. Таноосу дүүлүккөндө мурдун катуу дем менен бырылдатуу, чүчкүрүү, бышкырык чыгаруу. *Алда кайдан үрккөн жылкы көчөнү как жара.. бышкырып, тобу менен дүрбүп өттү* («Ала-Тоо»).

2. Күлкүсүн токтото албай, демин мурдунан катуу чыгарып күлүп жиберүү. *Жанындагы отургандары бышкырып күлүп жиберди* (Жантөшев).

БЫШҚЫРТ бышкыр этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШҚЫРУУ бышкыр этишинин кыймыл атоочу.

БЫШҚЫРЫҚ *зат.* Бышкыргандагы дабыш, бышкыргандык.

◆ **Бышкырык атуу** — жакын жолотпоо, бой сунбоо, жактырбоо. *Демейде бышкырык атып кыйгачтаган Ира Шариптин жанына келди* (Бейшеналиев).

БЫШТАЙ *этиш.* Саргаюу, сапсары болуп көрүнүү. *Күйүп бышкан эжигейдей бышгайган сары киши* (Жантөшев).

БЫШТАЙТ быштай этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШТАҚ *зат.* Ириген сүттү кайнатуу аркылуу бөлүп алынган творог сыяктуу коюу тамак. *Сааса аппак сүт берет, Сары май, быштак бүт берет* (Үсөнбаев).

БЫШТАКТАЙ *сын.* Сары, сапсары, бышгактын өңүндөй сары (адамдын түсү жөнүндө).

БЫШТАН *зат.* Ээрге салынган көрпөчөнү бастыра турган бастырма. *Ааю көпчүк, ак быштан Азамат аты көрүнөт* («Сейтек»).

БЫШТЫ *зат.* 1. Төрт жашар жылкы. *Аныйпа боз быштыны теминип, үй жакка бастырмак болду* (Таштемиров).

2. Айрым малдардын ушул жаштагысын билдирүүчү сөз. *Бир бышты өгүзү бар* (Жантөшев).

БЫШУУ быш этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫГУУ бышык этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫК I *сын.* 1. Бышкан, чийки эмес. *Бышык алма. Бышык тамак.*

2. *өт.* Бекем, мыкты. *Баары бышык аскер буюмдары* («Советтик Кыргызстан»). *Окоро түйгөн ак нокто Тайторуга чак нокто, Бышыгын тандап капты эми* («Семетей»).

3. *өт.* Чыйрак, тың. *Айылдагылар [Кычанды] абдан бышык бала дешет* (Бейшеналиев).

4. *өт.* Сөзсүз, шексиз. *Окууга көңүл буруп, башка балдар катары окубаса, экинчи жыл ордунда олтуруп калары бышык, ага мен кепил* (Таштемиров).

БЫШЫҚ II *этиш.* Ар кандай кыйынчылыкка, турмушка бышкан, такшалган болуу, тың болуу. *Ишке бышыккан карылуу жоон колдор* («САЖИ»). *Самсахун менен Айбадактын аркы-берки акыл-насаатын үгүп, Қаныбек бир топ кагылып, бышыгып калды* (Жантөшев).

БЫШЫҚСЫН *этиш.* Тыңсынуу, мыктысынуу, бышык болуп көрүнүү. *Деги эмнеси болсо да бышыксынган кыз көрүнөт* (Сасыкбаев)

БЫШЫҚСЫНТ бышыксын этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШЫҚСЫНУУ бышыксын этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫҚТА *этиш.* 1. Мыктылоо, бекемдөө, бышык, бек кылуу. *Жиптин үчүн бышыктап* (Жантөшев). *Ырастап жүгүн арттырды, Бышыктап аркан тартгырды* («Эр Төштүк»).

2. Тактоо, кайталап үйрөнүү. *Бышыктап сен көрсөткөн туура жолдо, Баратат өнүп, өсүп жарды-жалчы* (Турусбеков).

БЫШЫҚТАЛ бышыкта этишинин туюк мамилеси.

БЫШЫҚТАН бышыксын менен бирдей.

БЫШЫҚТАТ бышыкта этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШЫҚТАШ бышыкта этишинин кош мамилеси.

БЫШЫҚТОО бышыкта этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫҚТООЧ *зат. грам.* Кыймыл-аракеттин мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин, максатын билдирген айкындооч мүчө.

БЫШЫҚТЫҚ *зат.* 1. Бекемдик, чыйрактык, мыктылык. *Аркан бышыктыгынан үзүлбөй калды* («АлаТоо»).

2. Чыйрактык, тыкандык, тыңдык.

БЫШЫҚЧЫЛЫҚ *зат.* Эгин-тегин, жер жемиш, мөмөлөр бышкан, түшүм алынган мезгил. *Сентябрь ай, коон жыттуу сонун ай, Бышыкчылык.. бардык элдин көңүлү жай* (Осмонов).

БЫШЫЛДА *этиш.* Быш-быш этип дем алуу. *Тойгон койлор ыңгыранып, үйлар бы-*

шылдап, төөлөр кулгуп кепшейт (Жантөшев). *Бышылдаган Керездин эки кулагынан чоюп ойгот* (Бейшеналиев).

БЫШЫЛДАТ бышылда этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШЫЛДОО бышылда этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫЛУУ *сын.* Бышкан, бышып калган. *Бышылуу тамактын күйүтү жаман* (макал). *Асылуу казан, бышылуу аш* (макал).

БЫШЫМ: аш бышым; эт бышым — асылган тамак бышканчалык, бышып даяр болгончолук убакыт. *Аш бышымга жеткирбей ары-бери бүтүрө салгыла. Эси эңгирепТабылды Эт бышымдай жатты эми* («Эр Табылды»).

БЫШЫР *этиш.* 1. Тамакты кайнатып, кууруп же отко кактап бышкан абалга жеткирүү, даярдоо. *Жыйналып чала уйкулуу кемпир-чалдар, Чай коюп, нан бышырып, бүлүнүштү* (Осмонов).

2. От же башка ысык илеп, тап аркылуу атайын жолдор менен даярдап чыгаруу, өндүрүү. *Бири — жазгыч, бири — кирпич бышырат, Бири — монтёр, Ильич шамын тамызат* (Аалы).

БЫШЫРТ бышыр этишинин аркылуу мамилеси.

БЫШЫРУУ бышыр этишинин кыймыл атоочу.

БЫШЫРЫШ бышыр этишинин кош мамилеси.

БЫЯК *такт.* Бул жак, бул тарап. *Биз быякта жатканда, Бир бөлөгү барганбы* («Эр Табылды»).

БЭЭ *зат.* Төл берүүчү жана саала турган ургаачы жылкы. *Кулундуу бээ. Байтал бээ.*

◇ **Бээ десе, төө дейт** — оң айтса, тескери айтуу, башка нерсени айтуу, аңкоолонуу. **Эжеке бээ саа** — сайроочу чымчыктын бир түрү. *Эжеке бээ саа, жараанат, Эч кимге жок жазыгы* (Тоголок Молдо). **Бээ эмчек** —1) малина өсүмдүгү жана анын жемиши; 2) чемирчектин тамыры.

БЮДЖЕТ *зат.* Мамлекеттин, мекеменин, ишкананын же айрым адамдын белгилүү бир мөөнөткө белгиленген кирешечыгашасынын сметасы. *СССРдин мамле кеттик бюджети.*

БЮЛЛЕТЕНЬ *зат.* 1. Коомдук мааниси бар окуялар, маселелер, иштер ж. б. жөнүндөгү кыскача кабар.

2. Маалымат жана колдонмо үчүн бир мекеме тарабынан чыгарылган официалдык журнал.

3. Шайлоо кагазы. *Таалайды колго алгандай Бюллетенди алышат* (Үмөталиев).

4. Оорулуу кишинин эмгекке убактылуу жараксыздыгын билдирүүчү кагазы.—*Евдокия Николаевна ооруп, үйүндө бюллетень менен жатат* (Шимеев).

БЮРО *зат.* 1. Айрым уюмдарга жетекчилик кылуучу бөлүмдүн аты. *Партиялык комитеттин бюросу.*

2. Айрым мекеменин, ишкана же контора бөлүмдөрүнүн наамы. *Аба ырайы бюросу. Конструкторлук бюро.*

БЮРОКРАТ *зат.* 1. Иштин формалдык гана жагын карап, анын негизги мазмунуна көңүл бурбаган адам. *Колхоз ишине кайдигерлик менен караган активдерге, бюрократ, көз боёмочул кызматчыларга каршы күрөш жүргүзүүдө бул ыр өз маанисин азыр да жогото элек* (Маликов).

2. *эс.* Буржуазиялык мамлекеттерде жогорку администрацияга таандык чоң чиновник.

БЮРОКРАТИЗМ *зат.* 1. Мамлекеттик бийликти элден бөлүнүп калган жана бийлөөчү таптын кызыкчылыгын жактаган чиновниктер жүргүзүүчү таптык коомдогу башкаруу системасы.

2. Иштин, маселенин негизине, туура багытына баа бербестик, формалдуулук, жүр нарыга салуучулук, ишке кайдигерлик менен мамиле кылуучулук.

БЮРОКРАТТЫК *сын.* Бюрократка таандык.

БЮСТ *зат. иск.* Кишинин белден жогору жагынын бир нерседен куюлган же жасалган сүрөтү. *Омор баягы өзү көргөн бюстту элестетип, колун сыртка карай шилтеди* (Сыдыкбеков).

В

ВАГОН *зат.* Жолоочуларды, жүктөрдү ташууга ылайыкталып жасалган, рельс менен жүрүүчү транспорт каражаты. *Поезддин вагондору. Трамвайдын вагондору.*

ВАГОНЕТКА *зат.* Асма же тар, кууш жолдор менен жакын аралыкка жүк ташууга ылайыкталган кичинекей вагон же платформа. *Мурда көмүр салынган вагонеткаларды ат күчү менен сүйрөтчүбүз* (Сасыкбаев). *Ал вагонеткаларды жөнөтүп турган экен* (Сасыкбаев).

ВАГОНЕТЧИК *зат.* Вагонеткаларды тейлөөчү, жүргүзүп туруучу жумушчу.

ВАГОНОВОЖАТЫЙ *зат.* Трамвай айдоочу.

ВАЗА *зат.* Жемиштерди, гүлдөрдү салуучу же кооздук үчүн коюлуучу идиш.

ВАЗЕЛИН *зат.* Медицинада, техникада ж. б. колдонулуучу нефтиден алынган май.

ВАЗИР *зат.* 1. Ханга, падышага акыл, кеңеш кошуп туруучу киши. *Адылдын айтуу боюнча вазирлери келишти* (Жантөшев). *Адыл ханга Мендирман Вазир болгон болучу* (Жантөшев).

2. Жакынкы Чыгыштын бир катар өлкөлөрүндөгү жогорку мансаптуу адам, төрө, мамлекеттик советник.

ВАКАНСИЯ *зат.* Мекемелердеги же окуу жайларындагы бош орун.

ВАКЦИНА *зат. мед.* Жугуштуу оору-

ларга каршы алдын алып эмдөө үчүн колдонула турган препарат.

ВАЛЬС *зат.* Бийдин бир түрү жана анын музыкасы.

ВАЛЮТА *зат.* 1. Белгилүү бир мамлекеттин акча системасынын негизине алынган акча бирдиги.

2. Бир мамлекеттеги акча системасынын тиби. *Алтын валюта. Күмүш валюта.*

3. Чет өлкөлүк акчаларды жалпылап атоочу сөз.

ВАНДАЛ *зат. тар.* 1. Рим империясынын бир бөлүгүн басып алуу менен, аны кыйрооого, талоончулукка учуратканбайыркы германдык уруу.

2. Маданий, тарыхый эстеликтерди, байлыктарды талкалоочу, кыйратуучу.

ВАНДАЛИЗМ *зат.* Маданий, тарыхый эстеликтерди, байлыктарды ырайымсыздык менен кыйратуучулук, талкалоочулук.

ВАННА *зат.* 1. Кириңүүгө ылайыкталып жасалган суу толтургуч.

2. Дарылануу максатында ушуга куюлган сууга түшүү, жуунуу процесси.

3. *мед.* Таза абанын, күндүн нурунун таасири аркылуу эмдөө, ден соолукту чыңдоо процедурасы.

ВАРВАР *зат.* 1. *тар.* Маданий өнүгүшүнүн деңгээли төмөн турган бөтөн, чет элдерге байыркы гректер менен римдиктердин жектөө, кодулоо иретинде берген наамы.

2. *өт.* Маданиятсыз, орой, наадан, түркөйү киши.

ВАРВАРДЫК *зат.* Маданиятсыздык, ороолук, наадандык, түркөйүлүк. *Варвардык тартип.*

ВАРЕНЬЕ *зат.* Кант ж. б. таттуу нерсе кошулуп кайнатылган жемиштер. *Өрүк вареньеси. Карагат вареньеси. Варенье кайнатуу.*

ВАРИАНТ *зат.* 1. Бир нерсенин биртике өзгөчөлөнгөн, айырмаланган экинчи бир түрү.

2. *ад.* Адабий, музыкалык ж. б. чыгармanын белгилүү мааниде өз ара айырмаланып, өзгөчөлөнүп турган түрлөрүнүн бири. *«Манас» эпосунун варианттары. Операнын жаңы варианты.*

ВАРИАЦИЯ *зат.* 1. Негизи бир болуп, бирок майда элементтери, бөлүктөрү боюнча өзгөчөлөнүп туруучулук.

2. Негизги өзөгү, темасы түрлүүчө деңгээлде, формада өзгөртүлүп кайталанган же кайрадан иштелип чыккан музыкалык чыгарма, бий ж. б.

ВАССАЛ *зат.* 1. Орто кылымдык Батыш Европадагы ири феодалга көз каранды болгон жер ээлөөчү феодал.

2. *өт.* Башкага көз каранды болгон, баш ийген киши же мамлекет. *Империализмдин вассалдары.*

ВАССАЛДЫК *зат.* Көз карандылык, баш ийгендик.

ВАТИН *зат.* Бошураак токулган, түгү бар трикотаж кездеме (көбүнчө сырт кийимдин ичине кебез ордуна жылуулук үчүн салынат).

ВАТМАН: ватман кагазы — сүрөт тартууга, чернениеге колдонууга ылайыктуу жогорку сапаттуу кагаз.

ВАТТ *зат. тех.* Электр кубатын өлчөө единицасы.

ВАФЛЯ *зат.* Арасына крем салынып кабатталган, кыртылдак, бети тордолгон печенье.

ВАХТА *зат.* 1. Кемеде коопсуздукту сактоо үчүн белгилүү постуда үзгүлтүксүз турууну талап кыла турган күзөтүү ишинин өзгөчө түрү жана белгилүү бир сменанын экинчи смена келгенге чейин ушундай күзөтүүнү аткарып жаткан мөөнөтү.

2. *өт.* Өзгөчө бир нерсеге арналып же белгилүү бир максат үчүн энтузиазм менен иштелген, аткарылган эмгек, иш. *Эмгек вахтасы. Тынчтыктын вахтасы.*

ВАХТЕР *зат.* Мекемедеги күзөтчү.

ВЕДОМОСТЬ *зат.* 1. Айрым бир маалыматтар, алынган жыйынтыктар ж. б. тиркелген тизме. *Отчёттук ведомость. Эмгек акынын ведомосту.*

2. Мезгил-мезгили менен чыгып туруучу журнал же газета сыяктуу басма сөзгө берилген наам. *СССР Жогорку Советинин Ведомосту.*

ВЕДОМСТВО *зат.* Мамлекетти башкаруунун тармагы жана ошол тармакты тейлөөчү мекемелердин системасы. *Согуштук ведомство.*

ВЕКСЕЛЬ *зат.* Белгилүү суммадагы акчаны көрсөтүлгөн мөөнөтүндө төлөөнү милдеттендирүүчү кагаз жүзүндө берилген документ.

ВЕЛОСИПЕД *зат.* Бут менен кыймылга келүүчү эки же үч дөңгөлөктүү машина. *Велосипед тебүү.*

ВЕЛЮР *зат.* Атайлап иштетүү аркылуу өң жагына жыш, жумшак түктөр пайда болгон сукно же фетр. *Драп-велюр.*

ВЕНА *зат.* Жүрөккө кан жүгүртүп туруучу көк кан тамыр.

ВЕНГЕРКА *зат.* Бийдин бир түрү.

ВЕНЕРОЛОГ *зат.* Жыныс органдары аркылуу өтүүчү жугуштуу ооруларды (сифилис, гонорея, шанкр) дарылоочу врач, ушундай оорулар боюнча адистиги бар медициналык кызматчы.

ВЕНЕРОЛОГИЯ *зат.* Медицинанын жыныс органдары аркылуу өтүүчү жугуштуу ооруларды изилдөөчү бөлүмү.

ВЕНТИЛЯТОР *зат.* Бөлмөнүн, имараттын ичине таза аба алмаштыруу, абаны жаңыртуу, шамалдатуу үчүн колдонулуучу прибор.

ВЕРАНДА *зат.* Үйгө кошулуп салынган, ачык же айнектелген жай, терраса.

ВЕРМАХТ *зат.* 1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Советтик Армия тарабынан талкаланган фашисттик Германиянын куралдуу күчтөрү.

ВЕРМИШЕЛЬ *зат.* Фабрика тарабынан иштелип чыккан, кургатылган кесме.

ВЕРСИЯ *зат.* Кандайдыр бир окуя же факт жөнүндө болгон түрдүүчө түшүнүк жана маалымат.

ВЕРТОЛЁТ *зат.* Тик жогору көтөрүлүп жана төмөн түшүүгө, абада асып кой-

гондой бир калыпта турууга ылайыкталып жасалган үчүүчү аппарат.

ВЕСТИБЮЛЬ *зат.* Көбүнчө коомдук чоң үйлөрдүн кире беришиндеги бөлмө, атайын жай.

ВЕТЕРАН *зат.* 1. Эски, тажрыйбалуу жоокер; согушка көп катышкан адам. 2. Кандайдыр бир ишке көп эмгек сиңирген, тажрыйбалуу, эски кызматкер.

ВЕТЕРИНАР *зат.* Ветеринария боюнча специалист, мал доктору.

ВЕТЕРИНАРДЫК *сын.* Ветеринарияга таандык.

ВЕТЕРИНАРИЯ *зат.* Малдын оорулары жана аларды дарылоо жөнүндөгү илим.

ВЗВОД *зат.* Пехотадагы, артиллериядагы ж. б. кичирээк аскер бөлүгү.

ВЗНОС *зат.* Бир нерсе үчүн төлөнүүчү акча, мүчөлүк акы.

ВИЗИТ *зат.* Көбүнчө официалдуу түрдө кимдир бирөөнүн белгилүү жайда кыска мөөнөт менен болуусу.

ВИКТОРИНА *зат.* Түрлүүчө темага байланыштуу суроолорго оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүү ойну. *Адабият викторинасы. Музыкалык викторина.*

ВИНЕГРЕТ *зат.* 1. Ар түрдүү жашылчалардан майда кесилип, уксус, май ж. б. кошулуп жасалган муздак тамак. 2. *өт.* Ар кошкон, иретсиз, аралашып калган.

ВИНО *зат.* Жүзүмдүн жана башка жемиштердин, мөмөлөрдүн ширесинен ачытылып даярдалган ичкилик, шарап.

ВИНТ *зат.* 1. Бурама. 2. Пароходду, самолётту аракетке келтирүүчү бурамалуу стержень.

ВИРУС *зат.* Оптикалык микроскоп менен да көзгө көрүнбөй турган, жугуштуу ооруну козгоочу микроб.

ВИСКОЗА *зат.* Целлюлозадан атайын жолдор менен иштетилип алынган жана жасалма була менен целлофанды даярдап чыгарууга колдонулууду зат.

ВИТАМИН *зат.* Адамдын жана түрлүү башка жаныбарлардын организминин нормалдуу иштешине, зат алмашуусуна зарыл керектелүүчү түрдүү химиялык составдан турган органикалык зат.

ВИТРИНА *зат.* 1. Магазинде ар кандай товарларды көрсөтүүгө коюу үчүн ыйгарылган, атайын даярдалган жай. 2. Музей экспонаттарын көрсөтүү үчүн айнектелип жасалган ящик, шкаф.

ВИЦЕ-АДМИРАЛ *зат.* Контр-адмирал менен адмиралдын ортосундагы аскердик наам жана ошондой наамы бар адам.

ВИЦЕ-ПРЕЗИДЕНТ *зат.* Президенттин орун басары.

ВОДОЛАЗ *зат.* Атайын суу өтпөс костюм менен океандардын, терең суулардын түбүнө түшчү адам, суунун түбүндө иштөөчү жумушчу.

ВОДОПРОВОД *зат.* Калкты, өнөр жай ж. б. объектилерди суу менен камсыздандыруу үчүн инженерлер тарабынан курулган (труба, канал, фильтр ж. б.) система.

ВОЖАТЫЙ *зат.* 1. Жол баштоочу, жол көрсөтүүчү. 2. Пионер отрядынын же дружинасынын башчысы.

ВОЙСКО *зат.* Мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн жыйындысы же ал күчтөрдүн бир бөлүгү; аскерлер.

ВОКЗАЛ *зат.* Темир жол станцияларындагы жүргүнчүлөр үчүн арналып салынган үй, имарат.

ВОЛЕЙБОЛ *зат.* Топту керилип тартылган тордон кол менен ашыра уруп ойноп турган спорттук оюн.

ВОЛЬТ *зат.* Электр тогунун чыңалышын өлчөө единицасы.

ВРАЧ *зат.* Жогорку медициналык билими бар адис.

ВУЗ *зат.* Жогорку окуу жайы.

ВУЛКАН *зат.* Төбөсүнөн мезгил-мезгили менен эриген минералдык заттар (лава), ысык газ, тоо тектеринин сыныктары ж. б. атылып, бүркүлүп чыгып туруучу конус формасындагы тоо; жанар тоо.

ВУЛКАНИЗАЦИЯ *зат.* Каучукту бышык, серпилгич болуу ж. б. касиеттерге жеткирүү үчүн жогорку температурада кармап иштетүү процесси.

ВУЛЬГАРИЗМ *зат.* Уят, одоно сөздөрдүн адабий тилде колдонула турган түрлөрү.

ВЫВЕСКА *зат.* Кишкананын, мекеменин аты, эмне иш алып бара тургандыгы ж. б. жазылып, көрүнөө жерге илинген жыгач же жука темир такта.

Г

ГА гектар менен бирдей.

ГАЛАРДИН *зат.* Пальто, костюм үчүн ылайыкталып жүндөн токулган кездеменин сорту.

ГАВАНЬ *зат.* Океандын, деңиздин, дарыянын жээгиндеги шамалдан, толкундан тосулган жана кеме токтоого ылайыкталган орун, жай.

ГАГАРА *зат.* Түндүк жакта жашаган ири суу кушу.

ГАЗ I *зат.* 1. Мейкиндикте тез таралып кете турган, бири-бири менен байланышы өтө бош аба түрүндөгү физикалык зат. *Уктуруучу газ. Газга тумчугуп.. шахтерлор эртту өчүрүү менен алек* (Сасыкбаев). 2. Өнөр жайдын бардык тармактарында колдонулуучу күйүүчү зат. *Табигый газ. Күйүүчү газ.*

ГАЗ II *зат.* Жасалма жибектен иштелген үлпүлдөк, жука кездеме.

ГАЗАЛ *казал* менен бирдей.

ГАЗДУУ *сын.* Газы бар, газ чыккан, газы көп.

ГАЗЕТА *зат.* Белгилүү бир уюмдун-мекеменин ж. б. коомдук турмуштан, күндөлүк окуялардан кабар берип жана са-

ясий, илимий-популярдык, сын макалалары жарыяланып, чоң барак түрүндө улам (көбүнчө күнүгө) чыгып туруучу басма сөз органы.

◆ **Дубал газета** — мекеменин же анын алдындагы жергиликтүү коомдук уюмдардын органы болуп, мезгил-мезгили менен чыгып туруучу дубалга илине турган газета.

ГАЗЕТАЛЫК *сын.* Газетага таандык.

ГАЗИК *зат. сүйл.* «ГАЗ» маркасындагы автомобиль.

ГАЗИФИКАЦИЯ *зат.* 1. Жасалма жол менен күйүүчү катуу заттарды газ түрүнө айландыруу.

2. Өнөр жайларды, ошондой эле турак үйлөрдү жылытуу, жарык берүү максатында газ менен камсыз кылуу, газды оттун ордуна колдонуу.

ГАЗОГЕНЕРАТОР *зат.* Катуу же нефть түрүндөгү отунду күйүүчү газга айландыруучу аппарат.

ГАЗОМЕР *зат.* Чыгымдалган газды өлчөөчү прибор.

ГАЗОН *зат.* Бактарда, скверлерде, көчөлөрдүн жээктеринде, мекемелердин алдында айдалган жана кооздук үчүн учу тегизделип кыркылган чөптөр; ушундай чөптөр өстүрүлгөн аянтча.

ГАЗОПРОВОД *зат.* Газды бир жерден экинчи жерге жүргүзүүчү трубалар, трубопровод.

ГАЙДАМАК *зат.* 1. XVII—XVIII кылымдарда польшалык помещиктерге каршы болгон көтөрүлүштөргө катышкан украиналык казак орус.

2. Чет өлкөлүк согуштук интервенциянын жана 1918-жылдагы граждандык согуштун мезгилиндеги Борбордук Украина радасынын жана Украинадагы контрреволюциячыл ар кандай отряддардын атайын атчан солдаттар бөлүгү.

ГАЛАНТЕРЕЯ *зат.* Сумка, күзгү, тарак, мээлей, ийне, жип-шуу сыяктуу түрлүү майда буюмдар сатылуучу бөлүм жана ушундай товарлар менен болгон сооданын жалпы наамы.

ГАЛЕРЕЯ *зат.* 1. Эки имаратты бириктирип турган үстү жабык узун, кууш тилкелүү өткөөл; имараттын фасад жакты бетиндеги узун, кууш коридор же балкон.

2. Искусство чыгармаларынын көргөзмөсү үчүн ылайыкталып атайын салынган имарат.

3. Театрдын, цирктин ж. б. жогорку ярусу.

ГАЛИФЕ *зат.* Багалеги тар, тизеден жогорку эки капталы кең, өтүк менен кийүүчү шым.

ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ *зат.* Мээ кызматынын абалы начарлоодон, козголуудан улам көрүү, угуу, туюу ж. б. сезимдеринин тышкы таасирлерге байланышпаган жалган элестерди кабыл алуусу, жөөлүү, көзгө ар нерселер көрүнүү, угулуу.

ГАЛОШ *зат.* Сууда, баткакта бут кийимдердин сыртынан кийилүүчү резинкадан жасалган бут кийим.

ГАЛСТУК *зат.* Көйнөктүн жакасын айландыра курчап, ээктин алдына түйүп байлай турган жазы лента.

◆ **Пионер галстугу** — пионер жагоосу, пионерлер мойнуна байлап жүрө турган үч бурчтуу кызыл жагоо.

ГАМАК *зат.* Тышта, таза абада эс алып отурууга, жатууга ылайыкталып, эки башы эки жакка байланган, тордон жасалган асма койка.

ГАНА *бөл.* Чектөөнү, күчөтүүнү билдирүүчү бөлүкчө. *Кечээтен бери күн көнөктөп жаап, бүгүн түш оой гана басылды* (Баялинов). *Кымыз деген тамак жылкы болсо гана болот* (Убукеев).

ГАНГРЕНА *зат.* Кандын туура эмес айлануусунан кандайдыр бир биологиялык ткандын, органдын же дененин кээ бир бөлүктөрүнүн жансызданып бузулушу.

ГАНТЕЛЬ *зат.* Жумуру тутканын эки башына бириктирилген эки чоюн шардан турган гимнастикалык снаряд.

ГАП *зат. диал.* Кеп, сөз.

ГАРАЖ *зат.* Автомобилдерди, мотоциклдерди коюу жана аларды ремонттоо үчүн жасалган курулуш жайы.

ГАРАНТИЯ *зат.* Кепилдик, бир ишке кепил болуучулук.

ГАРДЕРОБ *зат.* 1. Ичине кийим илип коё турган шкаф.

2. Көпчүлүк жайларда кийим чечип коё турган орун, бөлмө.

ГАРДЕРОБЩИК *зат.* Көпчүлүк чечинген жерде кийим алып, кийим берип турууучу кызматкер.

ГАРДИНА *зат.* Терезени бүт жабуучу парда.

ГАРМОНЧУ *зат.* Гармонь тартуучу адам. *Гармончу бала гармонун аркырата эки-үч чоюп-чоюп алды* (Жакташев).

ГАРМОНЬ *зат.* Эки жагындагы клавиатурасы эки жакка тартылып ойнолуучу музыкалык аспап. *Орус колхоздорун араласаңыз.. жашы гармонь тартса, карысы сакалын титиретип бийлеп кетет* (Сыдыкбеков).

ГАРНИЗОН *зат.* Калк жашаган пункттарга, бекемделген райондорго, крепосторго убактылуу же туруктуу жайгашкан аскер бөлүктөрү.

ГАРНИР *зат.* Эттен же балыктан жасалган тамакка кошулуп берилүүчү картошка, кесме, күрүч же башка кошумчалар.

ГАРНИТУР *зат.* Белгилүү максат менен атайын жасалган предметтердин комплектиси, толук бир жыйындысы. *Мебель гарнитуру.*

ГАСТРОЛЬ *зат.* Четтен келген актёрлордун койгон спектакли, концерти.

ГАСТРОНОМ *зат.* Ар түрдүү тамак-аш продуктылары сатылуучу магазин.

ГАУПТВАХТА *зат.* Аскер кызматкерлери үчүн камак үйү.

ГАУХАР каухар менен бирдей.

ГВАРДИЯ *зат.* Эң мыкты тандамал аскер бөлүктөрү. *Дивизия командири турган үйгө Гвардия баатырлары чогулушту* (Умөталиев).

ГВАРДИЯЧЫ *зат.* Гвардиялык бөлүктө кызмат кылган аскер. *Төрт гвардиячы баатырдык менен кечүүдөн өттү* («Советтик Кыргызстан»).

ГЕГЕМОН *зат.* Кандайдыр бир ишке жетекчилик, башкаруучулук кылуучу, гегемониялыкка ээ болуучу.

ГЕГЕМОНИЯ *зат.* Күч, таасирдүүлүк жагынан, жетекчилик жагынан баштапкы болуу, артыкчылык кылуу абалы. *Пролетариаттын гегемониясы.*

ГЕКТАР *зат.* 10000 чарчы метрге барабар келген жер аянтынын өлчөмү. *Ар бир гектардан миң центнер кызылча алган* (Үмөталиев). *Бир гектар жайытка алты кой туура келет* (Убукеев).

ГЕЛЬМИНТОЛОГ *зат.* Гельминтология боюнча специалист.

ГЕЛЬМИНТОЛОГИЯ *зат.* Мите курттарды жана алар аркылуу пайда болгон ооруларды изилдөөчү илим.

ГЕЛЬМИНТТЕР *зат.* Айбандын жана адамдын организмине кирип, ооруга чалдыктыра турган мите курттар.

ГЕМАТОГЕН *зат.* Гемоглобиндин глицеринге жана виного аралаштырылган, медицинада дарылыгы бар препарат катарында колдонула турган эритиндиси.

ГЕМОГЛОБИН *зат.* Кандын кызыл шариктеринин составына кирген, канга түс берүүчү зат.

ГЕМОРРОЙ *зат.* Көтөн чучуктун веналарынын кеңейишинен пайда болгон, көбүнчө канап ооруй турган шишик.

ГЕНЕЗИС *зат.* Жаратылыш, пайда болуш.

ГЕНЕРАЛ *зат.* Армиянын жогорку командалык составындагы наамы жана ушундай наамы бар адам.

◆ **Генерал-майор** — жогорку командалык составга жеткен офицерге берилген генералдык наамдын алгачкы баскычтагысы. **Генерал-лейтенант** — жогорку командалык составга жеткен офицерге берилүүчү, даражасы бирден жогорку генералдык наам. **Генерал-полковник** — жогорку командалык составга жеткен офицерге берилүүчү, даражасы экиден жогорку генералдык наам. **Армиянын генералы** — генералдын эң жогорку наамы.

ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОР *зат.* Революцияга чейинки Россияда жана башка кээ бир өлкөлөрдө: бир же бир нече губерниянын жогорку согуштук-административдик бийликке ээ болгон начальниги.

ГЕНЕРАЛДЫК *сын.* Башкы, негизги, багыт берүүчү, жетекчи боло алган. *Партиянын генералдык линиясы. Генералдык прокурор. Генералдык секретарь.*

◆ **Генералдык штаб** — согуш башкармасынын башкы штабы. **Генералдык репетиция** — спектакль же концерт берердин алдында акыркы жолу өткөрүлгөн репетиция.

ГЕНЕРАЛИССИМУС *зат.* Эң жогорку аскердик наам жана ушундай наамы бар адам.

ГЕНЕРАЛИТЕТ *зат.* Армиянын жогорку командалык составы; генералдар.

ГЕНЕРАТОР *зат.* 1. Механикалык энергияны электр энергиясына айландыруучу машина.

2. Бир нерсени иштеп чыгарууга арналган ар түрдүү прибордун аты.

ГЕНЕТИК *зат.* Генетика боюнча специалист.

ГЕНЕТИКА *зат.* Тукум куучулукту жана организмдин өзгөрүчүүгүн изилдей турган биология илиминин бир бөлүгү.

ГЕНЕТИКАЛЫК *сын.* 1. Генезиске таандык; бир нерсенин жаралыш, пайда болуш тегине байланыштуу. *Генетикалык байланыш. Генетикалык метод.*

2. Генетикага таандык. *Генетикалык проблемалар. Генетикалык станция.*

ГЕНИАЛДУУ *сын.* 1. Эң мыкты, таланттуу, чыгармачылык таланты эң жогору, генийлиги бар.

2. Эң жогорку сапаттуу, чыгармачылык жагынан жетилген. *Ар бир гениалдуу чыгарма жөнөкөй болору бизге белгилүү* (Шимеев).

ГЕНИЙ *зат.* Жогорку чыгармачылык жөндөмдүүлүгү бар адам. *Адамзаттын гений Владимир Ильич Ленин бала чагында эң жакшы окуп, үзөндүү болгон* («Кыргызстан пионери»).

ГЕОГРАФ *зат.* География боюнча специалист.

ГЕОГРАФИЯ *зат.* Жер жүзүндө жашаган калктардын коомдук чөйрөсүн курчап турган бардык табигый шарттарды, экономикалык ресурстарды, өндүрүштүк жайгашууларды ж. б. изилдөөчү илим. *Экономикалык география. Физикалык география.*

ГЕОГРАФИЯЛЫК *сын.* Географияга таандык. *Географиялык шарттар. Географиялык атлас.*

ГЕОЛОГ *зат.* Геология боюнча специалист.

ГЕОЛОГИЯ *зат.* Жер катмарынын курулушу, составы, жер бетиндеги органикалык турмуштун тарыхы, кен байлыктары жөнүндөгү илим.

ГЕОЛОГИЯЛЫК *сын.* Геологияга таандык.

ГЕОМЕТРИЯ *сын.* Математиканын мейкиндик формаларын жана телолордун катыштарын изилдөөчү бөлүмү.

ГЕОМЕТРИЯЛЫК *сын.* Геометрияга таандык.

ГЕОРГИН *зат.* Тегерек болуп ачылган ачык түстүү чоң гүлдөрү бар декоративдик өсүмдүк.

ГЕРБ *зат.* Мамлекеттин, шаардын, уруунун ж. б. желекке, тууга, акчага ж. б. тартылуучу шарттуу белгиси. *СССРдин мамлекеттик герби.*

ГЕРБАРИЙ *зат.* Кургатылган чөптөрдүн жана өсүмдүктөрдүн жыйындысы. *Сбордо пионер отряды гербарий кургатуу, таштардын породаларын таануу иши каралган болчу* (Сыдыкбеков).

ГЕРБИЦИД *зат.* Отоо чөптөрүн жоготуу үчүн колдонула турган химиялык зат.

ГЕРМОФРОДИТ *зат.* Аял менен эркектин жыныс белгилери бар адам, кыз теке.

ГЕСТАПО *зат.* Антифашисттерди жыртыкчтарча жазалоо менен айырмаланган фашисттик Германиядагы жашыруун мамлекеттик полиция.

ГЕТМАН *зат.* 1. XVI—XVII кылымдарда Украинада казак орустардан шайланган аскер башчысы; XVII—XVIII кылымдардагы Украинанын башкаруучусу. 2. XVI—XVIII кылымдарда польшалык-литвалык мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн башкы командачысы.

ГЕТРА *зат.* Бут кийимдин үстүнөн бутун башын каптап коё турган же балтырды сууктан сактоо үчүн кие турган тамансыз байпак.

ГИБРИД *зат.* Ар кандай сорттордон аргындаштырылып алынган түр (өсүмдүктөргө карата). *Жүгөрүнүн бардык аянтын гибрид уругу менен чарчылап чөнөктөп згебиз* («Советтик Кыргызстан»).

ГИГАНТ *зат.* Жалпы баасы, мааниси, салмагы же көлөмү жагынан зор өлчөмдө болгондук, жогорку даражага жетишилгендик, алп көрүнүштө болгондук. *Ук жер жүзү, далай гигант салынды* (Турусбеков). *Илимдин гиганттары.*

ГИГИЕНА *зат.* Саламаттык сактоо жөнүндөгү илим жана ушундай максаттын чаралары. *Баланын өздүк гигиенасы. Эмгек гигиенасы. Мектеп гигиенасы.*

ГИГИЕНАЛЫК *сын.* Гигиенага таандык.

ГИДРОБИОЛОГИЯ *зат.* Биологиянын сууда, суулуу жерлерде жашаган организмдин тиричилигин изилдей турган бөлүмү.

ГИДРОГЕОЛОГИЯ *зат.* Геологиянын жер алдындагы сууларды, алардын пайда болушун, агымын, касиеттерин изилдей турган бөлүмү.

ГИДРОЛОГИЯ *зат.* Жер шарынын суу мейкиндигин жана суулардын жаратылыштагы кыймылын, түрлүү кубулуштарын изилдөөчү илим.

ГИДРОТЕХНИК *зат.* Гидротехника жагынан специалист.

ГИДРОТЕХНИКА *зат.* Каналдар, плотиналар ж. б. куруу жолу менен суу запастарын чарбачылыкка пайдалануу ишин жүргүзө турган техниканын бир тармагы.

ГИДРОТУРБИНА *зат.* Суунун күчү менен аракетке келүүчү кыймылдаткыч.

ГИДРОЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ *зат.* Суунун агуу күчүн пайдалануу аркылуу электр кубатын иштеп чыгаруучу станция (бул сөздүн кыскартылган түрү — ГЭС).

ГИЕНА *зат.* Чөл же жарым чөлдүү жерлерде жашоочу, көбүнчө тарп менен азыктануучу жырткыч.

ГИЛЬЗА *зат.* 1. Мылтыктын жези, бош патрону; замбирек, мылтык ж. б. огунун дары салынуучу түтүгү. 2. Папиростун тамеки толтурула электеги түтүгү.

ГИМН *зат.* Мамлекеттик же таптык бирдиктин символу катарында алынган салтанаттуу ыр. *Советтик гимн ойнолуп, Салтанаттуу той болуп, Сайранга мекен толгон күн* (Нуркамал).

ГИМНАЗИСТ *зат.* Гимназиянын окуучусу.

ГИМНАЗИЯ *зат.* Падышалык Россияда жана кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдө: жалпы билим берүүчү орто мектеп.

ГИМНАСТ *зат.* Гимнастика боюнча спортсмен.

ГИМНАСТЁРКА *зат.* Тик жакалуу, кур курчанып кийиле турган сырт көйнөк (бул аскердик форма катарында кабыл алынган).

ГИМНАСТИКА *зат.* Ден соолукту чыңоого, өркүндөтүүгө багытталган дене тарбия көнүгүүлөрүнүн системасы.

ГИМНАСТИКАЛЫК *сын.* Гимнастикага таандык.

ГИНЕКОЛОГ *зат.* Гинекология жагынан адистешкен врач.

ГИНЕКОЛОГИЯ *зат.* Аялдардын организминдеги өзгөчөлүктөр, алардын жыныстык оорулары жана дарылоо жолдору жөнүндөгү илим.

ГИНЕКОЛОГИЯЛЫК *сын.* Гинекологияга таандык.

ГИПЕРБОЛА *зат.* Бир нерсени элестүү, таасирдүү кылып айтуунун ыгы.

ГИПЕРТОНИК *зат.* Гипертония оорусу менен ооруган адам.

ГИПЕРТОНИЯ *зат.* Кан басымынын жогорулашы аркылуу болгон оору.

ГИПЕРТОНИЯЛЫК *сын.* Гипертонияга таандык.

ГИПНОЗ *зат.* Көз боочулук менен ишендирүү, сезимине таасир этүү аркылуу уктатуунун жолу.

ГИПНОТИЗЁР *зат.* Гипноздоочу, кишини же айрым айбандарды уктатып коюучу адам, көз боочу.

ГИПОТЕЗА *зат.* Кандайдыр бир кубулуштун сырын ачууга, түшүндүрүүгө арналган аныктала элек илимий сунуш, болжол.

ГИППОПОТАМ бегемот менен бирдей.

ГИПС *зат.* 1. Курулуш иштеринде, медицинада (сыныкты ж. б. таңуу үчүн), сүрөт ишинде ж. б. колдонулуучу ак же сары түстөгү бышырылган жана майдаланган минерал.

2. Ушул минералдан жабыштырып жасалган сүрөт (скульптура).

3. *мед.* Дененин сынган же чыгып кеткен жерин кыймылсыз абалда кармоо үчүн ушул минералдан жасалган хирургиялык катуу таңгыч.

ГИПСТЕ *этиш.* Дененин сынган жерин гипске салып таңуу.

ГИСТОЛОГ *зат.* Гистология боюнча специалист.

ГИСТОЛОГИЯ *зат.* Адамдын жана айбандардын ткань түзүлүштөрү жөнүндөгү илим.

ГИТАРА *зат.* Жоон сымдан кылдары бар, мойну узун жана беренелүү, чертип ойноло турган музыкалык инструмент. *Шаңдуу ыр, ачык күлкү гитара менен мандолинанын үндөрүнө кошулууда* (Абдумомунов).

ГЛАДИАТОР *зат.* Байыркы Римде: цирктин аренасында жырткычтар же башка балбандар менен кармашууга кулдардан же туткун жоокерлерден чыгарылган атайын балбан.

ГЛИСТ *зат.* Адамдын же айбандын денесинде, көбүнчө ичеги-карында болуучу мите курт.

ГЛИЦЕРИН *зат.* Майлардан алынган, сироп сыяктуу коюу суюктук (бул медицинада, техникада пайдаланылат).

ГЛОБУС *зат.* Жер шарынын кичирейтилип көрсөтүлгөн жана айлана турган модели. *Телграфтын зор эшигинин үстүндө жер шарынын глобусу айланып турат* (Шимеев).

ГЛЮКОЗА *зат.* Мөмөлөрдүн, жемиштердин составында болуучу таттуу зат, углевод; жүзүм канты.

ГО *бөл.* 1. Күмөндүүлүктү, ачык эместикти божомолдоону билдирүү үчүн колдонулат. *Бул иш өтө опурталдуу го дейм, Каныбек* (Жантөшев). *Самтырлардын кечигишинде да бир кеп бар го* (Сыдыкбеков).

2. Ырастоо, бекемдөө, күчөтүү же таң калуу маанисинде колдонулат. *Кандай жооп берүүнү билем го* (Бектенов). *Унаашайманды го каттап-чоттойсуң, а жерди кантип каттайсың?* (Сыдыкбеков). *Өсүмдүктөр да дем алат экен го.*

ГОВОР *зат.* Тилдин жергиликтүү диалектилик бөлүнүштөрүнүн эң кичине тарамы. *Кыргыз говорлору. Тилдин жергиликтүү говорлору.*

ГОДЕЛЕК *зат. диал.* Эшектин баласы.

ГОЗО *зат.* 1. Пахта өсүмдүгү.

2. Пахта буласынын чанагы.

ГОЗОПАЯ *зат.* Пахтанын буласы терилгенден кийинки бакалы.

ГОЙ *бөл.* Өтүнүү, жалбаруу, сурануу иретинде колдонулат. *Окуй гой, окуй гой, көпөлөгүм, окуй гой* (Сыдыкбеков).

ГОЛ *зат.* Футбол оюнунда топту каршы команданын дарбазасына киргизүү эсеби, очко.

ГОЛУБЦЫ *зат.* Майдалап тууралган этке күрүч аралаштырып, капустанын жалбырагына оролуп бышырылган тамак.

ГОНОРАР *зат.* Иштеген эмгеги үчүн келишим аркылуу жазуучулардын, художниктердин, композиторлордун, адвокаттардын ж. б. ала турган акысы, калем акы.

ГОНОРЕЯ *зат.* Сийдик өтүүчү канал ириндеп сезгенген венерологиялык оорулардын бир түрү.

ГОРИЗОНТ *зат.* 1. Асман менен жер, суу (океан, деңиз, көл) мейкиндигинин бири-бирине тийишкенсип, туташып көрүнгөнсүгөн чеги, сызыгы.

2. Көзгө көрүнгөн мейкиндик, айлана чөйрө.

ГОРИЛЛА *зат.* Батыш Африкада жашоочу адам сымак эң чоң маймыл.

ГОРМОН *зат.* Ички секрецияның бездеринен канга бөлүнүп чыгуучу зат.

ГОРСОВЕТ *зат.* Эмгекчилер депутаттарынын шаардык совети.

ГОРЧИЦА *зат.* Ындоонун данынан жасалган, тамакка кошуп, сыйпап жей турган ачуу татымал.

ГОРЧИЧНИК *зат.* Бир жак бетине горчица сыйпалган кагаз (бул медицинада колдонулат).

ГОРЧИЧНИЦА *зат.* Горчица салуучу идиш.

ГОСПИТАЛЬ *зат.* Көбүнчө аскерлер дарылануучу оорукана.

ГОСПОДИН *зат.* Революцияга чейиник мезгилде — ак сөөктөргө, жогорку даражалуу адамдарга, азыркы мезгилде — башка мамлекеттердин официалдуу өкүлдөрүнө же граждандарына карата кайрылуунун сылык формасы.

ГОСПОЖА *зат.* «Господин» маанисинде аялдарга карата кайрылуунун сылык формасы.

ГОТИКА *зат.* Орто кылымдагы Европанын архитектуралык стили.

ГОТИКАЛЫК *сын.* Готикага таандык.

◆ **Готикалык шрифт** — жазылышы өзгөчөлөнүп, учтуу, бурч-бурч болуп түшүрүлө турган шрифтер (аріптер).

ГОТОВАЛЬНЯ *зат.* Сызуу, чийүү иштеринде колдонулуучу инструменттердин атайын кутуга чогултулган, иреттелген жыйындысы, тобу.

ГӨЗӨ *зат. диал.* Саптуу кичине карапа идиш.

ГӨШ *зат. диал.* Эт.

ГРАВЮРА *зат.* Бети тегиз келген катуу материалга (металлга, жыгачка, айнекке ж. б.) оюп түшүрүлгөн сүрөт жана ушундай сүрөттүн кагаз бетине түшүрүлгөн изи.

ГРАДУС *зат.* 1. Температураны (абанын, суунун, адамдын денесинин ж. б.) ченөө единицасы.

2. Тегеректин $\frac{1}{360}$-ка бөлүгүнө тең бурчтарды жана жааларды өлчөө единицасы.

ГРАДУСНИК *зат. сүйл.* Термометр.

ГРАЖДАНДЫК *сын.* 1. Граждандардын укуктук абалына, милдетине таандык. *Граждандык кодекс. Граждандык укук. Граждандык милдет.*

2. Аскердик эмес, аскер милдетинде болбогон жалпы граждандарга таандык. *Граждандык аба флоту.*

◆ **Граждандык согуш** — мамлекеттин өз ичиндеги куралдуу таптык күрөш.

ГРАЖДАНИН *зат.* Белгилүү бир мамлекетте жашаган, ошол мамлекетте закондуу түрдө бекитилген бардык укуктардан пайдаланган жана ошондой түрдө бекитилген бардык милдеттерди аткарууга тийиш болгон адам, жалпы калктын бир өкүлү. *Советтер Союзунун гражданини.*

ГРАММ *зат.* Бир куб сантиметр суунун салмагына барабар болгон метрикалык өлчөм системасындагы салмактык единица.

ГРАММАТИКА *зат.* 1. Сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш жана өзгөрүш эрежелерин изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү.

2. Ушундай эрежелерди үйрөтүүчү окуу китеби, куралы.

ГРАММАТИКАЛЫК *сын.* Грамматикага таандык.

ГРАММОФОН *зат.* Пластинкага жазылган үндү кайталап угуп турууга колдонулуучу сурнайдыкындай кең түтүгү бар музыкалык аппарат.

ГРАМОТА *зат.* Сиңирген эмгегин баалап берилген мактоо кагазы; официалдуу документ. *Мактоо грамотасы. Ардак грамотасы.*

ГРАНАТА *зат.* 1. Жарылуучу снаряд. *Чолпонбай боложогон жерине жетип, гранаталарды ыргытты* (Жантөшев).

2. Жеңил атлетикада: ыргытууга ылайыкталган снаряд.

ГРАНИТ *зат.* Кварц, талаа шпаты жана слюда сыяктуу составдан турган бүртүкбүртүк түзүлүштөгү катуу тоо тек, таш.

ГРАНКА *зат.* Китептин баракгары сыяктуу стандартка келтирилип беттелбеген тилке кагаздарга туташ түшүрүлгөн басма жана терилген тамгалардын саптарынын ушундай туташ бөлүгү.

ГРАФ *зат.* Революцияга чейинки Россияда жана Батыш Европа өлкөлөрүндө болгон князь менен барондун ортосундагы дворяндык титул жана ушундай титулу бар адам.

ГРАФА *зат.* Таблицага ж. б. түшүрүлгөн эки тик сызыктын ортосундагы тилке.

ГРАФИК *зат.* 1. Түрлүүчө абалды, өлчөмдү, өзгөрүүлөрдү ж. б. сызык аркылуу көрсөтүүчү диаграмма.

2. Аткарыла турган норманы, анын убактысын ж. б. ачык көрсөтүп түзүлгөн иш планы. *Графикте көрсөтүлгөн иштерди, нормаңы аткаруу.*

ГРАФИКА *зат.* 1. Нерсенин сүрөтүн боёкторду колдонбостон, сызыктар, штрихтер аркылуу түшүрүү искусствосу жана ушундай искусстволун чыгармасы.

2. Жазуу белгилеринин, тамгалардын тартылган, түшүрүлгөн сүрөтү.

ГРАФИН *зат.* Суу, вино ж. б. кукуга арналган узун жана ичке моюндуу айнек идиш.

ГРАФИНЯ *зат.* Графтын аялы же кызы.

ГРАФСТВО *зат.* 1. Графтык титул.

2. Феодализм учурундагы граф ээлеген жерлер.

3. Англияда, Ирландияда, АКШда, Канадада ж. б. бир катар мамлекеттерде: ири административдик-территориялык единица.

ГРИМ *зат.* 1. Актёрдун аткарган ролуна ылайыктап боёо, жабыштыруу ж. б. жолдор аркылуу жасалган кейип, кебете.

2. Ушундай ишке колдонулуучу боёктор жана ар кандай башка нерселер.

ГРИМДЕ *этиш.* Аткарган ролуна ылайыктуу түрдүү кейип-кебетени берүү үчүн актёрдун бетине грим сыйпоо, жабыштыруу.

ГРИМДӨӨ гримде этишинин кыймыл атоочу.

ГРИПП *зат.* Дем алуу жолдорунун сезгениши, эт ысып чыйрыктыруу сыяктуу мүнөздүү белгилери бар өтө жугуштуу оору, сасык тумоо.

ГРОССМЕЙСТЕР *зат.* 1. Шахмат спортундагы эң жогорку наам жана ушундай наамы бар адам.

2. Орто кылымдардагы рыцарлык, монахтык уюмдардын башчысы.

ГРУППА *зат.* Топ, бир бөлүк. *Ал эми группада өтүлүүчү сабак жаңы студенттерди мындан да кызыктырды* (Бейшеналиев).

ГУБЕРНАТОР *зат.* 1. Революцияга чейинки Россиядагы губерниянын начальниги.

2. Колониясы бар мамлекеттердин колонияларга койгон жогорку кызматтагы адамы.

3. АКШнын, Латын Америкасындагы республикалардын штаттарындагы жогорку административдик кызмат адамы.

ГУБЕРНИЯ *зат.* Революцияга чейинки Россиядагы жана райондоштурганга чейинки СССРдеги негизги административдик-территориялык единица.

ГУДОК *зат.* Сигнал берүүчү механикалык катуу ышкырык жана ал аркылуу берилген сигнал.

ГУЛЯШ *зат.* Кесек-кесек кесилген эттен жасалган тамак.

ГУМАНДУУ *сын.* Адамга жакшы мамилелүү, мээримдүү, адамгерчиликтүү.

ГУМАНДУУЛУК *зат.* Гумандуу болуучулук, боорукерлик. *Жанболоттун гумандуулугун Гүлай гана түшүндү* (Шимеев).

ГУМАНИЗМ *зат.* 1. Кайрадан жаралуу мезгилиндеги (XV—XVI кылымдардагы) адамдын эркин өсүп-өнүгүшүн жана феодализм менен католицизмдин тутқунунан бошотуу принцибин көздөгөн прогрессивдүү кыймыл.

2. Адамга боорукердик, камкордук кылууга, жакшы көрүүгө, сыйлоо, урматтоого негизделген мамиле.

ГУМАНИСТ *зат.* Гуманизм идеясына берилген адам.

ГҮЛ *зат.* 1. Уруктоо, мөмө байлоо, чаңдашуу процесстери жүрүүгө ыңгайлашкан ар кандай түстөгү желекчелерден, аларды бириктирген чөйчөкчөдөн ж. б. турган өсүмдүктүн өрчүү органы. *Гүлдөн бал тарткан аарылар.*

2. Ушундай өрчүү органы болгон өсүмдүк. *Гүл өстүрүү. Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип Жакаңдагы кызыл гүлдөн жыттадым* (Мидин).

3. Кездеменин же башка буюм-теримдин бетине түшүрүлгөн түр, ар кандай өң.

ГҮЛГҮН күлгүн менен бирдей.

ГҮЛДЕСТЕ *зат.* Ылгап алынган бир тутам гүл, букет.

ГҮЛДӨ *этиш.* 1. Гүл ачуу. *Мындан ары биздин мектептин алма багы гүлдөй баштайт.*

2. Көгөрүү, жашылдануу. *Жаз келди, талаа тегиз гүлдөдү.*

3. *өт.* Жыргоо, өркүндөө. *Элимден кетсем мейличи, Эркинде элим гүлдөсүн* (Токтогул). *Жаша, гүлдө Кыргызстан, Жаркыраган чыгыштан* (Үмөталиев). *Гүлкайырдай гүлдөп ал Күлгүн жашың барында* (Токтогул).

ГҮЛДӨӨ гүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ГҮЛДӨТ гүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ГҮЛДҮҮ *сын.* 1. Гүлү көп, гүлү калың, көп ачылган. *Жашыл шибер гүлдүү бак*

Жеримди жоого бербесмин (Нуркамал). *Биринде ай-жылдызду салкын түндүн Аралап гүлдүү бакта басып жүрдүм* (Үмөталиев).

2. Түр салынган, түрлөнгөн; гүл түшүрүлгөн. *Бөйрөгү гүлдүү кара ала чайнек* (Сыдыкбеков). *Үстүнө кийген көк гүлдүү көйнөгү эски болсо да таза экен.*

ГҮЛЗАР *зат.* Гүл айдалган, өстүрүлгөн жер, аянт. *Булагыңдан суу ичем, Гүлзарымдан гүл үзөм* (Үмөталиев). *Тоту куштун жүнүндөй, Гүлзардын түркүн гүлүндөй, Кандай кооз ушул үй, Калы килем түрүндөй* (Үмөталиев).

ГҮЛКАЙЫР *зат.* Тегерек чоң гүлдүү бийик өскөн куурай өсүмдүк. *Жайлоого чыккан гүлкайыр, Жарашыктуу кыз шайыр* (Токтогул).

ГҮЛСТАН *зат.* Гүлдөп өскөн жыргалдуу өлкө, жер. *Жерибизди гүлстанга айланттык Жан аябай күжүрмөндүк зар менен* (Аалы).

Д

ДА I *байл.* Бир өңчөй мүчөлөрдү жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат. *Эрдик да, эмгек да Ырыстын далай кенчи колхозчуда* (Осмонов). *Кемпирдин бир сөзүнөн улам эмнегедир Мыскалдын жүрөгү зырп эте түштү да, өңү өзгөрүп кетти* (Сыдыкбеков).

ДА II *бөл.* Тактоо, аныктоо, күчөтүү маанисинде колдонулат. *Асманда бармактай да булут жок* (Байтемиров). *Бул жолу Саадат ачууланган да жок, ызаланган да жок* (Айтматов). *Күлкүлөрү таш жарат да..* (Сыдыкбеков).

ДАА *этиш.* Батынуу, батына алуу. *Алымкул Гулайымдын короосуна даап кире албай, бир топко чейин дубалдын артында турду* (Абдукаримов). *Мен ага даап тие албадым.*

ДААКЫ *зат.* 1. Жаныбарлардын түлөп түшө элек жазгы жүнү. *Жаздын күнү тай-кулун, Даакыларын түлөткөн* (Осмонкул). *Даакысы түшө элек ит.*

2. *өт.* Самсаалаган, самтыраган эски кийим, төшөнчү. *Эрдигим кетти колумдан, Төштүк, Даакым түшөө жонумдан, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Даакысы чубалган эски жаман жууркан.*

ДААКЫЛУУ *сын.* Даакысы бар, даакы жүнү түшө элек. *Жазга жакын болгондо, Даакылуу тайлар чуркашат* (Осмонкул). *Даакылуу тайлактай тартайган неме тура! — деди Түгөл* (Бейшеналиев).

ДААЛДА *этиш.* Бир нерсени көп элес албай дуулдап жүрө берүү. *Ыйлаак Мамырдыкына кеткенде, даалдап алабарман жүрө берүүчү* (Байтемиров).

ДААЛДАК *сын.* Көңүлүнө кир сактабаган, кытмырдыгы, арамдыгы жок, куулукту билбеген.

ДААЛДОО даалда этишинин кыймыл атоочу.

ДААМ *зат.* 1. Ар кандай заттардын дүүлүктүрүүчү таасиринен улам тил аркылуу сезилген татым. *Ачуу даам. Таттуу даам. Тамактын даамын киргизген, Татыта турган туз болот* (Осмонкул).

2. Тамак. *Карабек ферма башчысын үйдөн даам ооз тийүүгө чакырды* (Каимов). *Ар даамды бут берди, Кишмиш чайкап сүт берди* («Манас»). *Мени даам айдап келди.*

3. *өт.* Маани, татыктуулук. *Сөздөрүңдүн даамы жок, Күүлөрүңдө маани жок* («Советтик Кыргызстан»).

ДААМДАН *этиш.* Даамы келүү, даамы билинүү, татылуу. *Алима эже мөөндөгү сары майды сууруп чыгып, алды менен өзү кичине жалап көрдү. Кандай сонун даамданат!* (Байтемиров). *Оозум эрмен даамданат.*

ДААМДАНТ даамдан этишинин аркылуу мамилеси.

ДААМДАНУУ даамдан этишинин кыймыл атоочу.

ДААМДАШ *сын.* Бири-бири менен аралашып, бирге даам татышкан. *Нечен жылдан бери туздаш, даамдаш болуп жүргөн* (Жантөшев).

ДААМДУУ *сын.* 1. Даамы жакшы, ширелүү, таттуу. *Жакшы санаалаш адамдарың менен жеген тамак даамдуу болот* (Абдумомунов).

2. *өт.* Маанилүү, мазелүү. *Мени аяп, бекер кайгы жебегин, Суспак ырды даамдуу ыр дебегин* (Осмонов).

ДААМДУУЛА *этиш.* Даамын келтирүү, даамын жакшылоо. *Даамдуулап тамак берди.*

ДААМДУУЛУК *зат.* Даамы жакшы болгондук, ширелүүлүк, татымдуулук.

ДААНА I *зат.* Дааналык сандарды түзүүчү сөз. [*Пилланын*] *жүз даанасы сексен грамм болсо, миң даанасынан сегиз жүз грамм аламын* (Таштемиров).

ДААНА II *сын.* 1. Белгилүү, таанымал. *Баарыбызга даана кишиси.*

2. Иштин жөнүн билген, акылман. *Ар бир ишке даана жигит. Акылы даана адамдын Сөзүндө болот жүйөөсү* (Тоголок Молдо).

3. Ачык, айкын, так. *Анын үнү гана эмес, ар бир сөзү Каныбекке даана угулду* (Жантөшев). *Даана жазуу.*

ДААНАЛА I *этиш.* Ар бир даанасы боюнча эсептөө. *Жүз дааналап алуу. Беш дааналап бөлүштүрүү.*

ДААНАЛА II *этиш.* Даана, ачык, так кылуу; таамайлоо. *Бүдөмүк кылбай, дааналап көрсөтөр болсоң эмне* («Чалкан»). *Дааналап атуу.*

ДААНАЛЫК *сын.* Ачыктык, тактык, ачык-айкындык. *Акылынын дааналыгы артыкча.*

ДААНЫШМАН *зат.* Акылман, көсөм, кеменгер. *Ар ишти салат жолуна Акылы толук даанышман* (Осмонкул). *Түйгун эле Улуу Ленин даанышман* (Үмөталиев).

ДААНЫШМАНДЫК *зат.* Акылмандык, көсөмдүк, кеменгердик. *Даанышмандыгында калет жок* (Каралаев).

ДААРАТ *зат.* Намаз окуу, куран түшүрүү же ушул сыяктуу ар кандай диндик жөрөлгөлөрдү орундатуу алдында белгилүү эрежеге ылайык жуунуу.

◆ **Даарат сындыруу** *же* **даарат ушатуу** — түзгө отуруу, заара кылуу.

ДААРАТКАНА *зат.* Адамдар түзгө отуруучу жай. [*Нурмат*].. *даараткананы тартипке келтирет* (Абдукаримов).

ДААРУУ даары этишинин кыймыл атоочу.

ДААРЫ I: бир даары — айрым бирөөлөр, айрымдары. *Бир даары Ажар менен Каныбектин качканына ишенбеди* (Жантөшев).

ДААРЫ II *этиш.* Үстүртөн жанып өтүү, тийип өтүү; жакындоо, жолоо. *Сырт жагынан даарыса, Ичинде өтү жарылат* («Манас»). *Дарбазаны бекитсе, Даарый албайт эч адам* («Эр Табылды»).

ДААРЫТ даары этишинин аркылуу мамилеси.

◆ **Жин дааруу** — жин тийүү, жинди болуп калуу. **Кыдыр дааруу** – иш оңолуу, бактылуу болуу.

ДАБА *зат.* 1. Дары; дарылоо, ооруга эбеп-себеп. *Даба тапкан ооруга, Билимдүүдөн шайлайбыз* (Осмонкул).

2. *өт.* Айла, амал, ылаажы. *Ыйлаганды соороторбасы элең, Токтогул* (Бөкөнбаев). *Кайрат кылгын, Кадыке, Кайраттан башка даба жок* (Токтогул).

ДАБАН *зат.* Ашуу. *Аскасы бийик дабандын, Азабын тарттым замандын* (Токтогул).

ДАБДЫРА *этиш.* Алсыроо, бошоп кетүү. *Муштап өтсө желкеге, Муунум калат дабдырап* (Калык).

ДАБДЫРАҢДА *этиш.* Алсыроо, алы кетип, телчигип баскандай болуп калуу. *Турып калды Койкүрөң Дабдыраңдап далактап* («Курманбек»).

ДАБЫР: дабыр-дүбүр — жамгыр, мөндүр жааганда, майда нерселер (жемиштер, шагыл, майда таштар) күбүлүп, куюлуп түшкөндө ж. б. чыккан дабыш. *Дабыр-дабыр дабырап, алма жыйсак ыр ырдап* (Осмонов). *Бир кезде дабыр-дүбүр этип эле таш кулаткан дүбүрпү чыгып калды* (Бөкөнбаев).

ДАБЫРА *этиш.* Дабыр-дабыр этүү, дабырттап түшүү. *Кара жамгыр дабырап, Куюп турду асмандан* (Тоголок Молдо).

ДАБЫРАТ дабыра этишинин аркылуу мамилеси.

ДАБЫРКАЙ *зат.* Карагайдын чайыры.

ДАБЫРОО дабыра этишинин кыймыл атоочу.

ДАБЫРТ *туур.* Басканда, жүгүргөндө чыккан дабыш, дүбүрт. *Аттардын дабыртты капчыгайдын оозун көздөй жөнөгөндө, басмачылар дабыртты кубалай атышты* (Аалы).

ДАБЫРТТА *этиш.* Дабырт чыгаруу, дабырт-дабырт этүү. *Кокту ичи бир азга дабырттап калды* (Сыдыкбеков).

ДАБЫРТТАТ дабыртта этишинин аркылуу мамилеси.

ДАБЫРТТОО дабыртта этишинин кыймыл атоочу.

ДАБЫШ *зат.* Угуу органдары аркылуу сезилген, кабыл алынган ар кандай үн, добуш. *Шырт эткен дабыш жок* (Абдукаримов). *Эшиктен түрсүлдөгөн аттын дабышы чыкты* (Байтемиров). *—О, үйдө жылкычылардан барбы? — деген тыштан дабыш чыкты* (Жантөшев).

ДАБЫШТУУ *сын.* Дабышы бар, дабышы бийик, үндүү. *Дабыштуу чоор. Дабыштуу коңгуроо.*

ДАГАРА *зат.* Кашылтыр темирден жасалган кир жуугуч чылапчын, илеген.

ДАГДААРЫ *этиш.* Эмне кыларын билбей калуу, шаштысы кетүү. *Дагдаарып, кыйналып турушканда, артынан байдын куугунчулары.. буларды кармап алышат* (Баялинов).

ДАГДААРУУ дагдаары этишинин кыймыл атоочу.

ДАГДАГАЙ *сын.* 1. Көкүрөгү кең, жайык төш.

2. Көкүрөгү ачык, кымтыланбаган, жагжагай.

ДАГДАЙ *этиш.* 1. Төшү жайык, кең көкүрөктүү болуп көрүнүү. *Көкүрөгү дагдайып, көрүнүшү балбандай* (Калык).

2. Жакжакаюу, кымтыланбоо. *Белек койчу дагдайып төшүн жайып койду* (Убукеев).

ДАГДАҢ: дагдаң дагдаң этүү — көкүрөгүн дагдайтып жүрүү.

ДАГДАҢДА *этиш.* Дагдаң-дагдаң этүү, жакасын коё берип, энтеңдеп басуу. *Дагдаңдап эки жигит келе жатат* (Аалы). *Дагдаңдап бул катарда Келгенбай бар, Боо чечип, үзүк сыйрып жүгүн таңган* (Турусбеков).

ДАГДАҢДОО дагдаңда этишинин кыймыл атоочу.

ДАГДАЮУ дагдай этишинин кыймыл атоочу.

ДАГЫ I *такт.* Мындан ары да, мындан кийин да, жана да. *Дагы далай жылдар өтөт* (Бөкөнбаев). *Эже, дагы китеп окуп берсеңиз* (Байтемиров). *Тууган жеримди дагы көрдүм* (Сыдыкбеков).

ДАГЫ II да I менен бирдей. *Карагай дагы, кайың дагы, тал, терек дагы курулуш ишине керек* («Жаңы ленинчи»). *Элдин бардыгы небак жатса дагы, Ажардын колу бошободу* (Жантөшев).

ДАГЫ III да II менен бирдей. *Биз дагы адам баласыбыз го* (Бектенов).

ДАЕК *зат.* Ат чабышта коюлган байге.

ДАЕКЧИ *зат.* Ат чабыштын байгесин бөлүштүрүүчү жана ушул ишти тийиштүү эрежеси менен алып баруучу адам.

ДАЙРА *туурасы:* **дарыя.**

ДАЙРЫ *этиш.* Канат сермеп учууга көнүгүү, жаңыдан уча баштоо (канаттуулардын балапаны жөнүндө). *Канаттарын андасанда сермеп,.. асманга дайрып бараткан барчын* (Аалы).

туу жалпак сөөк, мүчө. *Арзыкулду алаканы менен далыга чапкылап сөзүн улады* (Байтемиров). *Курманов буга тең калып, түшүнбөстөн далысын күйшөдү* (Баялинов).

◆**Ай далы** — далынын үстү. *Кадим Манас сыяктуу, Ай далынын кеңдиги* (Жантөшев). **Кара далы кыз** — турмушка чыгар маалынан өтүп калган, жашы өтүп кеткен кыз. **Куу далы** — далысы жабышкан арык, чабал; итий, рахит оорусу. *Баласы куу далы болуптур* (Сыдыкбеков). *Куу далыдан кутулбастан өскөнбү, Сөөгү кыйшык, булчуңу жок сандары* (Малихов). **Далы ачуу** — койдун далысына карап, болгон иштин алдын ала айтуу, далы менен төлгө ачуу.

ДАЛЫЛУУ *сын.* Далысы кең, далысы чоң, алибеттүү. *Баатырлардан бактылуу, Балбандардан далылуу* («Курманбек»).

ДАЛЫЧЫ *зат.* Далы ачуучу, далы менен төлгө ачкан адам.

ДАМА *зат.* Үмүт, дымак. *Жоктон дама кылды. Дамасы чоң.*

ДАМААМАТ *такт.* Ар дайым, ар качан, үзгүлтүксүз. *Дамаамат келе беришеби, биздин иштен колубуз бошобой турганын билишпейби* («Жаш ленинчи»).

ДАМАЛАН *этиш.* Дама кылуу, үмүт кылуу, үмүттөнүү.

ДАМБА *зат.* Ташкынды, селди токтотуу үчүн же көлмө жасоо үчүн узата кырдалган жээк.

ДАМБАЛ *зат.* Узун багалектүү ыштан, ич кийим. *Багалегин дамбалдын өйдө түрүп коюптур* (Жантөшев).

ДАМБЫЛДА *зат.* 1. Эски диндик мектептин мугалими, молдо.

2. Мечитте намаз окуу, намазга жыгылуу ж. б. диндик иштерди алып баруучу өкүл, имам. *Дамбылдамын деп жүрүп, Элдин ичин булгадың* (Токтогул).

ДАМБЫР: дамбыр таш — жазында биринчи күн күркүрөгөн учурда «Жер жарылып көк чык, желин жарылып сүт чык!» деп, чөптүн, сүттүн мол болушун тилеп, чаканы калдыратып үйдү айлана жүгүрүү ырымы.

ДАМКА *зат.* Дойбу оюнунда каршы тараптын биринчи катардагы клеткаларына чыгарылган жана клеткалар боюнча алга, артка чектелбестен жыла берүү укугуна жетишкен таш.

ДАМПАҢ: дамңаң-дампаң этүү — эбисыны жок, жампаңдап кыймылдоо.

ДАМПАҢДА *этиш.* Дампаң-дампаң этүү, жампаңдоо. *Атка минди дампаңдап.*

ДАН *зат.* 1. Эгин, аштык. *Жайлоонун көркү мал экен, Айдоонун көркү дан экен* (Нуркамал). *Арпа, буудай өсүмдүк, Даны сонун биздин эл* (Осмонкул).

2. *диал.* Нан. *Даныңыз болсо, ат үстүнөн ооз тийгизиңиз* (Сыдыкбеков).

3. Куурай, чөп өсүмдүктөрүнүн жана эгиндин уругу. *Жикинин даны. Чогойнонун даны. Даны чоң жүгөрү.*

◆**Дан куурай** — малина. *Дан куурай менен карагаттар.. моймолжушуп, таң симфониясына кошумча жасалга беришет* (Аалы)

ДАНАКЕР *зат.* 1. Металлдан жасалган буюмдардын, идиштердин, ар кандай башка нерселердин деталдарын данакерлеп жабыштыруу, улоо, жылчык-тешиктерин бүтөө ж. б. үчүн колдонулган эритилүүчү металл зат жана ага илайыктуу башка кошунду.

2. *өт.* Бири-бирин ынтымакташтырып, бириктирип туруучу. *Эки киши күнөкөр болсо, бир киши данакер. Экөөбүздү ушинетип ширеткен жападан жалгыз данакер — большевиктик идея* (Жантөшев).

ДАНАКЕРЛЕ *этиш.* Данакер коюп жабыштыруу, бүтөө. *Чаканын түбүн данакерлеп койчу* (Сыдыкбеков).

ДАНАКЕРЛЕН данакерле этишинин өздүк мамилеси.

ДАНАКЕРЛЕТ данакерле этишинин аркылуу мамилеси.

ДАНАКЕРЛӨӨ данакерле этишинин кыймыл атоочу.

ДАНДАЙ *этиш.* Көөп кетүү, чыңалган абалда болуу (мис., ич же башка көөп, чыңалып кете турган нерселер).

ДАНДАЙТ дандай этишинин аркылуу мамилеси.

ДАНДАЮУ дандай этишинин кыймыл атоочу.

ДАНДУУ *сын.* Даны ири, чоң. *Дандуу арпа. Дандуу баш. Дандуу буудай.*

ДАНДЫР *зат.* Ичин аябай ысытып алып, нанды чоктун табына кактап бышыра турган атайын очок. *Дандырга бышкан нан. Дандырга нан жабуу.*

ДАНЕК *зат.* Кээ бир жемиштердин (өрүк, алча, шабдалы ж. б.) сырты катуу кабык менен капталган даны. *Өрүктүн данеги. Данегинен өстүрүлгөн жемиштер.*

2. *өт.* Маани, иштин маңызы, негизи. *Данегин чакпай, кабыгын мактап жатасың,— деди ал* (Бейшеналиев). *Талканбаев иштин данегин чечпей буйтактады* («Ала-Тоо»).

ДАНЕКТҮҮ *сын.* 1. Данеги бар.

2. *өт.* Маанилүү, негиздүү, сапаттуу.

ДАҢ I *зат.* Жарыя, даңаза. *Бул дагы баатыр жан болот, Кыганы журтка даң болот* (Тоголок Молдо).

◆**Даң салуу** — шаттануу, шаттанып ойноп-күлүү, элирүү. *Тай, кулундар даң салып, Даакылары түлөсүн* (Осмонкул). *Кутулдук калың жоодон деп, Кунан чаап, даң салып* («Манас»).

ДАҢ II: даң-даң *туур.* Металлды урганда, мылтык атылганда ж. б. учурларда чыккан ачык, көтөрүңкү табыш, үн. *Коңгуроонун үнү даң-даң этет* (Маликов). *Мылтык даң этти.*

ДАҢАЗА *зат.* 1. Атак, даңк, даража. *Даңаза-даңкы Ильичтин Дүйнө жүзүн басты эле* (Осмонкул).

2. Даңкты чыгаруу, көтөрүү, элге белгилүү кылуу үчүн иштелген аракет, дуудуу. *Аны көргөн адамдар Даңаза кылат сыртынан* (Тоголок Молдо). *Жапек Каныбектин эл даңаза кылган даңкы менен сыймыктанып кала турган* (Жантөшев).

ДАҢАЗАЛА *этиш.* Даңаза кылуу, даң-

кын көтөрүү. *Эрди даңазалаган — эли, жерди даңазалаган — кени.*

ДАҢАЗАЛАН даңазала этишинин өздүк мамилеси.

ДАҢАЗАЛАТ даңазала этишинин аркылуу мамилеси.

ДАҢАЗАЛОО даңазала этишинин кыймыл атоочу.

ДАҢАЗАЛУУ *сын.* Даңазасы чыккан, даңазаланган, атактуу, даңктуу. *Жөнөкөй кишилер эмес, кадимки даңазалуу баатырлар да капилет баскан душман колдуу болушкан*(Абдукаримов). *Украинанын экинчи борбору даңазалуу Харькового келди* (Бөкөн баев).

ДАҢГЫЛ даңгыр менен бирдей.

ДАҢГЫР *сын.* Тапталган, тегиз, таза (мис., жол, кырман). *Оштон батышты карай кеткен даңгыр жол шаардын четине барганда эки ача болуп бөлүнөт* (Абдукаримов). *Кырманды даңгыр болгуча таптап, шыпырып, тазалап коюшту* («Ала-Тоо»).

ДАҢГЫРА *этиш.* Даңгыр, таза көрүнүштө болуу. *Бир четте даңгыраган таза кырман* (Үмөталиев). *Даңгыраган чоң көчө. Алды жагыма карасам, даңгырап кең жол жатат* (Сыдыкбеков).

ДАҢГЫРАТ даңгыра этишинин аркылуу мамилеси.

ДАҢГЫРОО даңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ДАҢГЫТ *зат.* Дөбөт ит, дөбөт карышкыр. *Көнөчөк баштуу көк даңгыт, Көк жалдан калган ит экен* («Сейтек»). *Жол үстүнө сүйрөтүп Даңгыттарга жарамын* («Эр Төштүк»).

ДАҢК I *зат.* 1. Эмгектен, эрдиктен, ашкере таланттуулуктан белгилүү болгон, ардакталган атак, барк; жалпыга белгилүүлүк, кеңири таанылып кетүүчүлүк. *Эрдин даңкын алыстан ук* (макал). *Эмгегинен даңк алган. Кызылчадан кант алган, Кымбат баалуу даңк алган* (Осмонкул). *Россия деп таңдантып, Даңкы катуу чыккан жер* (Маликов).

2. Атак-баркын көтөрүү, даңазалоо, өзгөчө белгилөө иретинде айтылуучу сөз. *Менин эмгегимди урматтаган өкмөтүбүзгө даңк!* (Сасыкбаев). *Бир туугап Коммунисттик партиябызга даңк!*

ДАҢК II: даң II менен бирдей.

ДАҢКАЙ *этиш.* Заңкайып чоң болуп көрүнүү. *Кара боз менен салкайып Карааны бийик даңкайып* («Эр Табылды»). *Дарбыздар алда кайдан даңкайып көрүнөт* (Байтемиров).

ДАҢКАЙТ даңкай этишинин аркылуу мамилеси.

ДАҢКАН *зат.* Жылкынын туягынан ыргыган, тапталып каткан топурак, кар. *Чоң торунун аяктай туяктарынан муштумдай даңкандар чырылдап ыргып жатты* «(Жаш ленинчи»).

ДАҢКАЮУ даңкай этишинин кыймыл атоочу.

ДАҢКТА *этиш.* Даңкын чыгаруу, атак-даңкын көтөрүү, даңазалоо.

ДАҢКТАЛ даңкта этишинин туюк мамилеси.

ДАҢКТАН даңкта этишинин өздүк мамилеси.

ДАҢКТОО даңкта этишинин кыймыл атоочу.

ДАҢКТУУ *сын.* Даңкы бар, атактуу, даңкы чыккан. *Кыргызга даңктуу Зууракан Кызылчанын устасы* (Осмонкул).

ДАҢКЫЛДА *этиш.* Даңк-даңк этүү, даңк-даңк эткен катуу үн чыгаруу, сүйлөө. *Аңыр келди аңкылдап, Айтып сөзүн даңкылдап* (Тоголок Молдо).

ДАҢКЫЛДАТ даңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ДАҢКЫЛДОО даңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ДАҢЫЛДА *этиш.* Даң-даң этүү, катуу добуш салуу.

ДАҢЫЛДАТ даңылда этишинин аркылуу мамилеси.

ДАҢЫЛДОО даңылда этишинин кыймыл атоочу.

ДАР дарга менен бирдей.

ДАРАЖА *зат.* 1. Атак, даңк, мартаба. *Даражасы жогору адам. Даражасы көтөрүлүү.*

2. Бир нерсенин ченин, өлчөмүн, кандай деңгээлде экенин мүнөздөөчү салыштырма чоңдук. *Эмгектин өндүрүмдүүлүк даражасы.*

3. Деңгээл, чек; категория. *Бул иш менен белгилүү даражада катышып, тааныштыгым болбосо, мен кириишмек эмесмин* («Ала-Тоо»). *Биринчи даражадагы диплом. Экинчи даражадагы сыйлык.*

4. Илимий наам. *Илимдердин кандидаты деген даражага ээ болуу.*

5. *грам.* Сын атоочтун салыштырма формасы.

ДАРАЖАЛУУ *сын.* Атактуу, даражасы бар. *Канчалык бийик даражалуу болбосун, адам — эл менен адам* (Байтемиров). *Бактыңар башыңардан кетпей, мындан ары даражалуу болгула* (Жантөшев).

ДАРАЖЫ дарайы менен бирдей.

ДАРАЙЫ *зат.* Эки бети тең бирдей өңдөгү, кустарлык жол менен токулган жибек кездеменин түрү. *Дарайы көйнөк.*

ДАРАК *зат.* Бутактуу, катуу сөңгөгү бар көп жылдык жыгач өсүмдүктөрүнүн жалпы наамы. *Алма дарагы. Мөмөлүү даректар. Даректын баары бүрдөгөн, Мөмөлүү бактар гүлдөгөн* (Барпы). *Күкүгү таңшып чакырып, Көгөргөн дарак-бактары* (Тоголок Молдо).

ДАРАКТУУ *сын.* Дарагы бар, дарагы көп, даректар өскөн. *Талас шаарынын түбүндө үйлөрү өңчөй чатырчалуу жана бак-даректуу бир кыштак бар* (Каимов).

ДАРБАЗА *зат.* 1. Капка, короого кире берүүчү жердеги чоң эшик. *Аңгыча болбой тышкы дарбаза такылдады* (Жантөшев).

2. Түрдүү спорттук оюндарда (мис., футболдо) эки тарап бири-бирине топту же шарды уруп киргизүү үчүн оюндун өзгөчөлүгүнө карата ылайыкталып жасалган атайын орун, жай.

ДАРБАЗАЛУУ *сын.* Дарбазасы бар, дарбазаланган. *Дарбазалуу үй. Дарбазалуу короо.*

ДАРБУУ дарбы этишинин кыймыл атоочу.

ДАРБЫ *этиш.* Ээлигүү, желигүү, ээлигип кошо дүрбөө. *Базардын тамашасын көрүп келүү үчүн, элдин шары менен кошо дарбып келе жаткандар да жок эмес* (Каимов).

ДАРБЫЗ *зат.* Сабагы жерге төшөлүп өскөн тоголок, ири мөмөлүү бакча өсүмдүгү жана анын мөмөсү. *Биз быйыл 10 гектар жерге коон-дарбыз, помидор жана бадыраң эктик* (Каимов).

ДАРБЫТ дарбы этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРВИНИЗМ *зат.* Жандуу жаратылыштын тарыхый өнүгүшү, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн табигый тандалуу жолу менен келип чыгышы жөнүндөгү окуу.

ДАРВИНИСТ *зат.* Дарвинизмди жолдоочу.

ДАРГА *зат.* 1. Өлүм жазасына өкүм кылынган адамды асып өлтүрө турган сыйрытмак байланган жыгач. *Каяша кылса дарга бар, Кан чокуган карга бар* (Үмөталиев).

2. Циркте үстүнөн артист ойноо үчүн тартылган аркан, канат.

ДАРГАЧЫ дарчы менен бирдей.

ДАРДАЙ *этиш.* 1. Көлөмдүү, чоң көрүнүштө болуу, чоюлуп көрүнүү. *Эми Таласка курган бак барбы? Таалайлуу шерден айрылдык, Дардайып жатар чак барбы?* («Сейтек»). *Береги ак чатырдай дардайган чоң ак үй Кудайназардыкы* (Жантөшев).

2. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, көөп кетүү. *Даражаң бир күн өөдө көтөрүлсө, Дардайып түшпөс хандай элирбегин* (Маликов).

ДАРДАЙТ дардай этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРДАК *сын.* Дардаңдаган, обу жок, дардаке, алаңгазар, көйрөң. *Атасының ардагы, Аркалаган дардагы* (Убукеев).

ДАРДАКЕ *сын.* Дардактаган, алаңгазар, көйрөң.

ДАРДАКТА *этиш.* 1. Көңүлү көтөрүлүп, сүйүнүп калуу, жетиңе албай калуу. *Бек кубанып дардактап, Кыяз менен Канчоро, Убаданы бек кылды* («Сейтек»).

2. Көтөрүлүү, көөп, мактанып кетүү. *Эси жок бала дардактап, жоон билек да болот экен* (Сыдыкбеков).

ДАРДАКТАТ дардакта этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРДАКТОО дардакта этишинин кыймыл атоочу.

ДАРДАЛАҢДА дардакта менен бирдей.

ДАРДАҢ дардак менен бирдей.

ДАРДАЮУ дардай этишинин кыймыл атоочу.

ДАРДЫЙ дардай менен бирдей.

ДАРЕК *зат.* Кабар, дайын. *Угула элек бул жакка Ушул иштин дареги* (Үсөнбаев). *Ушул убакка чейин али эчөөнөн дарек жок* (Жантөшев).

ДАРЕКСИЗ *сын.* Кабары жок, дайынсыз. *Арка болор Алымкулдун дарексиз жоголгонун көрчү* (Абдукаримов).

ДАРЕКТЕ *этиш.* Дарегин, кабарын сураштыруу, дайынын билүүгө аракет кылуу. *Нийзалыны эмне даректеп калдың* (Бөкөнбаев).

ДАРКАН *зат.* Уста (көбүнчө баатырлык эпостордо). *Кылдың беле кылычты, даркан, Соктуң беле соотту, даркан* («Манас»). *Адырында аркар көп, Адамыңда даркан көп* («Семетей»).

ДАРКЫРА *этиш.* Дарылдаган катуу үн чыгаруу; дарлыдоо.

ДАРКЫРАТ даркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРКЫРОО даркыра этишинин кыймыл атоочу.

ДАРМАН *зат.* Күч-кубат, ал. *Ал көптөн бери оору, бүгүн таң аткыча уктабай чыкты, эч дарманы жок* (Жантөшев). *Искендер, дарманың кандай?* (Турусбеков).

ДАРМАНДУУ *сын.* Алдуу, күч-кубаттуу. *Жаштарга жыйнап нарк айтып, Дармандуу болсо чаркыңыз* (Тоголок Молдо).

ДАРОО *такт.* Тез, ылдам, бат, токтолбостон. *Жамила дароо коридорго чыкты* (Баялинов).

ДАРС *зат.* Сабак. *Дарс берип эң жогорку мектепте Өзүндөй кадр тапса профессор* (Үмөталиев).

ДАРТ *зат.* 1. Оору, илдет. *Балдардын арасында кезигүүчү жугуштуу оорулардын ичинен дифтерия өтө коркунучтуу дарт* («Ден соолук»). *Атамдын дарты үчүн даба болгусу бардыр* («Жомоктор»).

2. *өт.* Арман, кайгы, муң; арыз. *Ар кимиси ички дартын айткысы келет, бирок аны эмнеден баштоо керек?* (Каимов).

3. *өт.* Айы, азабы. *Колхоз кызы Канымкулдун дарты үчүн, Колхозуна мүчө болуп албасам* (Осмонов). *Илимсиздин дартынан кат жазышка зарыктым* (Барпы).

4. *өт.* Көөн, көңүл, ой. *Анаркандын эсидарты эшиктеги Каныбекте* (Жантөшев). *Анын дарты Күлайда* («Ала-Тоо»).

ДАРТТУУ *сын.* 1. Ооруулуу, илдеттүү. *Күймылдабай былк этпей, күйүп оору дарттуудай* («Эр Төштүк»). *Дарттуу жылкыларын эмдеп айыктырабыз* («Эл акындары»).

2. *өт.* Капалуу, кайгылуу, санаалуу, муңдуу. *Көкүрөк дарттуу чер болгон* (Тоголок Молдо).

ДАРЧА *зат.* Кичинекей терезе же терезе ордуна салынган кичинекей эшикче. *Ачыкчанын чуркап барды дарчасына* (Үмөталиев). *Дарчадан Айша тыңшап турат* (Үмөталиев).

ДАРЧЫ *зат.* 1. Өлүм жазасына тартылган адамды даргага асып өлтүрүүчү, желдет. *Кайда кетти дарчылар, Даргага асчу жалчылар* («Кедейкан»).

2. Дарда ойноочу, дарда ойногон артист.

ДАРЫ I *зат.* 1. Ооруга даба болуу, айыктыруу максатына ылайык түрлүүчө жолдор менен даярдалган зат. *Ким деген доктор дарылады, кандай дары берди?* (Бейшеналиев). *Култайдын жарасына дары таап келүүгө кичүү баласы Ошко кеткен* (Абдукаримов).

2. *өт.* Даба, айла, себеп. *Тапсаңчы жүрөк дарысын* (Аалы). *Билсең Кычандын дарысын таптык* (Бейшеналиев).

◆**Дары-дармек** — медикамент, дарылоочу каражаттар. *Дары-дармек болчу чөптөр жатат, Тоо кыдырып басканда* (Тоголок Молдо). *Фельдшер күнүгө бир келип, Лиданы карап, дары-дармегин берүүчү болду* (Жантөшев).

ДАРЫ II *зат.* Атылуучу куралдардын (мис., мылтыктын) заряддарын, окторун даярдоого колдонула турган жарылгыч зат. *Саадакта огум түгөндү, Күпсүрдө дарым күбүлдү* («Семетей»). *Шахтёрлор мылтык дарысын салып, милте коюшту* (Сасыкбаев).

ДАРЫГЕР *зат.* Аптекарь; дарылоочу адам, врач. *Эң себепкер, дарыгер Кылдатты таап алгамын* («Сейтек»).

ДАРЫКАНА *зат. эс.* Аптека, дары-дармек даярдалган, сатылган жер.

ДАРЫЛА *этиш.* Оорусуна жараша дары берүү, дары сыйпоо, сүртүү ж. б. аркылуу айыктыруу чараларын көрүү. *Алты ай бою дарылап Айыктырды колуңду* (Барпы). *Ким деген доктор дарылады* (Бейшеналиев).

ДАРЫЛАН дарыла этишинин өздүк мамилеси.

ДАРЫЛАТ дарыла этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРЫЛДА *этиш.* Жоон үн менен даркырап катуу сүйлөө, катуу үн чыгаруу, ыйлоо. *Дарылдап катуу сүйлөгөн адам. Эмгектин эр бозою дарылдатып, Бузду дың, трактору түтүн чачып* (Турусбеков). *Кичинемде дарылдап ыйлаак болуптурмун* («Советтик Кыргызстан»).

ДАРЫЛДАК *сын.* Дарылдаган, дарылдап сүйлөгөн; ыйлаак.

ДАРЫЛДАТ дарылда этишинин аркылуу мамилеси.

ДАРЫЛДОО дарылда этишинин кыймыл атоочу.

ДАРЫЛОО дарыла этишинин кыймыл атоочу.

ДАРЫЛЫК *зат.* Дары, эм болууга жарамдуулук, ооруну дарылоого жарай турган. *Бээнин сүтүнүн дарылыгы бар.*

ДАРЫМ *зат.* Түкүрчү, эмчи-домчу, бакшылардын көбүнчө ооруга суу бүркүү жолу менен жүргүзгөн эми, эмдөө.

ДАРЫМДА *этиш.* Дарым жолу менен эмдөө.

ДАРЫМЧЫ *зат.* Дарымдап демдөөчү, бакшы, эмчи-домчу. *Бакшы, бүбү, тамырчы, Эмчи, домчу, күзгүчү, Сууну бүркөн дарымчы Мекер билет экен деп, Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо).

ДАРЫЯ *зат.* 1. Жаан-чачын, мөңгү жана булактардан топтолуп, белгилүү нукка түшкөн чоң суунун табигый, үзгүлтүксүз агымы, чоң өзөн суу. *Сыр дарыя. Нарын дарыя. Дарыянын шаркыраганы Касейиндин үнүн угузбай кетет* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Мол, түгөнгүс, эң көп. *Илим деген дарыя, Кече албасаң, агасың. Жол башчыбыз партия, Акылы мол дарыя* («Жазгыч акындар»).

ДАС: дас оромол *диал.* Бет аарчы. *Кур дегенде бир дас оромол тигип берермин* (Абдукаримов).

ДАСМАЛ *зат.* Кичинекей дасторкон, кол аарчы.

ДАСТАН *зат.* Ыр түрүндө жазылган көлөмдүү чыгарма, баатырдык жомок, поэма. *Бул дастанды жазмак элем мен эчак, Кечигипмин даабай жүрөк тартынчаак* (Үмөталиев). *Нойгуттун кызы Жаңылды Кошмок болдум дастанга* (Тоголок Молдо).

ДАСТОРКОН *зат.* 1. Тамак ичерде тамак-аштын алдына жая салуу үчүн атайлап жасалган төрт чарчы материал. *Алдыга дасторкон жайылып, үстүнө түркүм даам салынды* (Жантөшев).

2. *өт.* Тамак-аш, даярдалган оокат; тойго же өлгөн адамга куран окутууга алып барылуучу тамак-аш, оокат. *Дасторконго бата кылуу. Майрамдык дасторконду кандайча жасасак болот?* («Кыргызстан аялдары»). *Тойго алып барар дасторконуңузга кошуп коюңуз деп, Шарше үч бөтөлкө ала кетти* («Чалкан»). *Атасына дасторкон кылып бара элекпиз деп, Зарыл уялып жүргөн болчу* («Ала-Тоо»).

◆**Жайыл дасторкон** — кенен, кең пейил, берекелүү, март. *Кайназар мындайыраак жерден келген «жакшыларга» жайыл дасторкон* (Жантөшев).

ДАСТОРКОНДУУ *сын.* Тамак-ашы кеңири, берекелүү, оокаттуу.

ДАСЫ *этиш.* Такшалуу, абдан машыгуу, көнүгүү, маш болуу. *Менден эч бир кам санаба, түңүлбө, Баарын көрүп, дасыганбыз өмүргө* (Элебаев).

ДАСЫК дасы менен бирдей.

ДАСУУ дасы этишинин кыймыл атоочу.

ДАТ I *зат.* 1. Сууда же нымдуу жерде көп жатып калган металлдын үстүндө пайда болгон күрөң саргыч темгилдер, жука катмар. *Мерген капшытта жатып, дат баскан капканын алып, үнсүз эшикке жөнөдү* (Каимов). *Миң жылы жерде жатса да, Алтын чирип дат болбос* (Осмонкул).

2. Күн ачылбай, жаан-чачын өткөрө көп болуп кеткен учурда өсүмдүктөргө, эгинге түшкөн кызгылт күрөң темгил, дарт. *Дат күчөсө, дан алдырбайт.*

ДАТ II *зат.* 1. Дарт, арыз, муң, зар. *О кагылайын, калың журт, бар эле датым айтайын* (Жантөшев). *Канышайым, сизге дат бар* (Жантөшев).

◆**Каным дат** — бир канча кишинин жалгыз чүкөнү кезектешип өкчөп чүкөнүн конушуна, чик, бөк түшүшүнө карата болгон белгилүү эреже менен ойнолуучу оюн. **Дат деп отуруп калуу**—өкүнүчтө калуу, ойлогонуна жете албай, максаты ордунан чыкпай калуу. *Ордун сыйпалап дат деп отуруп калды* (Жантөшев).

ДАТА *зат.* Кандайдыр бир окуянын так календарлык убактысы; документтин, каттын ж. б. убактысы (жылы, айы, числосу) жөнүндө билдирген белги.

ДАТКА *зат. тар.* Орто азиялык калктардагы революцияга чейин эл ичинде бийлик жүргүзүп келген ак сөөк, төрө.

Жайлоону Шамырбек датка эзлеп келген (Жантөшев).

ДАТТА даттан менен бирдей.

ДАТТАН *этиш.* Бирөөнүн үстүнөн арызмунун, датын айтып арызануу. *Токтогулдун энеси даттанып, ыйлагысы да келди* (Аалы).

ДАТТАНУУ даттан этишинин кыймыл атоочу.

ДАТТОО датта этишинин кыймыл атоочу.

ДАЧА *зат.* Шаардын сыртында дем алууга арналып салынган үй, чарбак. *Дачада эс алуу. Дача салуу.*

ДАЯР *сын.* **1.** Бир нерсени иштөөгө, аткарууга даярдыгы, камы бар, ушундай ишке макулдугу бар. *Кайрылып сени тосууга, Качан да болсо даярмын* (Үсөнбаев). *Кызматыңа биз даяр, Кыраан Чубак не десең* («Манас»).

2. Колдонууга, бир нерсеге жумшоого, керектөөгө ж. б. жарактуу, ылайыкталган, даярдалган, белен. *Даяр тамак. Даяр үй-жай турса, бирөөнүкүнө көз артканы кандай?* («Чалкан»). *Даяр кийим-кечелер магазинде батпайт* («Ала-Тоо»).

ДАЯРДА *этиш.* Даяр кылуу, белендөө. *Көмүр, темир, кирпичтерин даярдап, Кыргыздар да төшүн жарды шахтынын* (Аалы). *Даярдап жатамын.*

ДАЯРДАН даярда этишинин өздүк мамилеси.

ДАЯРДАТ даярда этишинин аркылуу мамилеси.

ДАЯРДАШ даярда этишинин кош мамилеси.

ДАЯРДОО даярда этишинин кыймыл атоочу.

ДАЯРДЫК *зат.* Даяр болгондук, белендик, камылга. *Даярдык көрүү. Даярдык кылуу.*

ДАЯРЛА даярда менен бирдей.

ДВОРЕЦ *зат.* **1.** Бийлик жүргүзүүчү падышалык ак сөөктөр, өкмөт башчылары жана алардын үй-бүлөлөрү жашоочу, өзгөчө жасалгалуу ири имарат.

2. Коомдук уюмдар үчүн жасалган чоң имарат. *Пионерлер двореци. Маданият двореци.*

ДВОРЯН *зат.* Феодалдык (кийинчерээк капиталисттик) коомдогу помещиктер менен чиновниктерден турган бийлик жүргүзүүчү жогорку ак сөөктөр катмарынын өкүлү.

ДЕ *этиш.* Айтуу, сүйлөө. *Бул кызыкты көрсүн де* («Манас»). *Саламат көрдүң шүгүр де Забайкал кеткен уулуңду* (Сыдыкбеков).

ДЕБЕТ *зат.* Кириш-чыгыш книгасынын бардык алынган мүлк, байлыктар жана белгилүү бир счетко тийиштүү болгон карыздар, доходдор жазылып туруучу сол жаккы бети (кредитке карама-каршы мааниде). *Конторага барып, эсептин дебеткредитин тактап, анан совхозго барып келем деген* (Сыдыкбеков).

ДЕБИТОР *зат.* Карыздар, карыз болгон адам же мекеме, уюм ж. б.

ДЕБЮТ *зат.* **1.** Сахнага артисттин биринчи жолу чыгышы; биринчи ирет көпчүлүктүн алдына чыгуу, чыгып сүйлөө.

2. Шахмат, дойбу оюнунун алгачкы жүрүштөрү.

ДЕБЮТАНТ *зат.* Дебютка чыккан киши.

ДЕГДЕ *этиш.* Самоо, абдан каалоо, ынтызар болуу. *Окууга дегдеп калдым. Дегдеп барат Курманбек, Тажикстин элин аралап* («Курманбек»).

ДЕГДЕҢДЕ *этиш.* Шашып, ашыгып жүгүрүү, энтеңдөө. *Анархан дегдеңдеп жүрүп отуруп, бир жерге келгенде, тура калды* (Жантөшев).

ДЕГДЕҢДЕТ дегдеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕГДЕҢДӨӨ дегдеңде этишинин кыймыл атоочу.

ДЕГДЕТ дегде этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕГДӨӨ дегде этишинин кыймыл атоочу.

ДЕГИ *бөл.* Тактоо, күчөтүү маанисинде колдонулат. *Деги айтчы, бай болгур, эмне десем ишенесиң* (Абдукаримов). *Деги эле көзгө көрүнбөс, үнүң угулбас жайга бекинипсиң да!* («Жаш ленинчи»).

ДЕГИНКИСИ *зат.* Негизи, чыпдыгы. *Дегинкисин айтам да, балам* («Ала-Тоо»). *Дегинкиси мен каршы эмесмин, бирок жакшылап ойлоп, кийин өкүнбөгөндөй бололу* (Абдумомунов).

ДЕГЭЭ *зат.* Балыкты сайып кармай турган учу эки ача, саптуу темир.

ДЕЖУРНЫЙ *зат.* **1.** Кызмат же коомдук иштер жагынан белгилүү бир тапшырманы кезек менен аткарып туруучу. *Дежурный врач. Дежурный милиционер. Дежурный болуу.*

2. Башка мекемелердин дем алыш учурларында алардыкындай эле кызматты аткарып, алардан көбүрөөк убакка чейин иштөөчү.

ДЕЗЕРТИР *зат.* **1.** Аскер кызматынан же аскерге чакыруудан качкан адам.

2. *өт.* Өзүнүн граждандык милдетин, милдеттүү кызматын же коомдук милдеттүү иштерди аткаруудан баш тарткан адам.

ДЕЗИНФЕКЦИЯ *зат.* Оору жуктургуч микробдорду атайын дарылар аркылуу жок кылуу, оору жуктургучтук абалды жоготуу.

ДЕЗИНФЕКЦИЯЛА *этиш.* Дезинфекция кылуу, дезинфекция жасоо.

ДЕЗИНФЕКЦИЯЛАН дезинфекцияла этишинин өздүк мамилеси.

ДЕЗИНФЕКЦИЯЛАТ дезинфекцияла этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕЗИНФЕКЦИЯЛОО дезинфекцияла этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЗОРГАНИЗАТОР *зат.* Дезорганизациялык иштерди жүргүзүүчү, тартип бузуучу.

ДЕЗОРГАНИЗАЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир иштин, өндүрүштүн ж. б. нормалдуу, иштиктүү абалын, тартибин бузуучулук, ага кедерги болуучулук.

ДЕЙРЕ чейин менен бирдей. *Чаргындын таманынан төбөсүнө дейре муздай түштү* (Сыдыкбеков).

ДЕКАБРИСТ *зат.* 1825-жылы 14-декабрда Россияда самодержавиеге жана

крепостной укукка каршы күрөшкөн дворяндар тобунун революциялык көтөрүлүшүнүн катышуучусу.

ДЕКАБРЬ *зат.* Календардык жылдын он экинчи айы.

ДЕКАДА *зат.* Белгилүү бир ишке, максатка ыйгарылган он күндүк убакыт. *Москвада өткөн кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасы.*

ДЕКАН *зат.* Жогорку окуу жайында факультетти башкарып туруучу киши, факультеттин жетекчиси. *Филология факультетинин деканы.*

ДЕКАНАТ *зат.* Факультеттин декан тарабынан жетекчиликке алынган башкаруу иши, окуу ишине байланыштуу башкаруучулук. *Тарых факультетинин деканаты.*

ДЕКИЛДЕ *этиш.* Шашып жүгүрүү, тез жүрүү. *Балдар Ашымдын айткандарын орундатышка декилдеп чуркашат* (Сыдыкбеков). *Татыбек жеткиче кайра декилдеп жолго түштү* (Байтемиров).

ДЕКЛАМАЦИЯ *зат.* Ырды, прозалык чыгармалардын үзүндүлөрүн көркүнү окуу искусствосу; көркөм чыгармаларды кубултуп, кооздук менен окуу.

ДЕКЛАРАЦИЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир маселеге арналган официалдуу билдирүү; өкмөттүн же партиянын атынан закондуу чараларды салтанаттуу түрдө жарыялоо жана ошол чаралар жазылган документ.

2. Ар кандай керектүү маалыматтар жазылган, жарыяланган официалдуу документтердин наамы.

ДЕКОРАЦИЯ *зат.* 1. Сахнада көрсөтүлгөн окуянын ордуна, айлана-чөйрөсүнө карата живописттик же архитектуралык мүнөздө берилген жасалга.

2. *өт.* Ички мазмунун, кемчиликтерин боёмолоп, сырт көрүнүшүн кооздоп көрсөтүү, ичи калтырак, сырты жалтырак абал, көрүнүш.

ДЕКРЕТ *зат.* Жогорку бийликтин кандайдыр бир маселе боюнча кабыл алган закондук күчү бар токтому; указ, закон. *Советтердин II съезди В. И. Лениндин доклады боюнча декрет кабыл алды* («Коммунист»).

ДЕКРЕТТИК *сын.* Декрет жолу менен бекитилген, белгиленген.

◆**Декреттик отпуск** — боюнда бар аялдарга берилүүчү отпуск.

ДЕЛ де этишинин туюк мамилеси.

ДЕЛБЕ *зат.* 1. Жээликтирме, жин оору.

2. *өт.* Келесоо чалыш, жинди чалыш.

ДЕЛБЕКТЕ *этиш.* 1. Желпилдөө (этекжең же башка нерселер жөнүндө). *Шашкансып Андрейдин шинелинин этеги желге делбектейт* (Сасыкбаев).

2. Энтеңдеп, шашкалактап жүгүрүү, жээлигүү. *Бүбүш делбектеп короодон чуркап чыкты* («Ала-Тоо»).

ДЕЛБЕКТЕТ делбекте этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕЛБЕКТӨӨ делбекте этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛБЕЛЕН *этиш.* Ээлигүү, жээлигүү, делбе болуп кетүү. *Бул келишиңизге жүрөгүм элеп-желеп, бир жакшы сөз укканда делбеленем* (Каимов).

ДЕЛБЕЛЕНҮҮ делбелен этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛБЕҢДЕ делбекте менен бирдей.

ДЕЛБИРЕ *этиш.* 1. Желбирөө, *Байрактын баары делбиреп, Желектин баары желбиреп* («Эр Табылды»).

2. *өт.* Кубануу, сүйүнүү. *Быяк-тыяктан жолугуп калганда, Эрке кыз апа деп делбиреп турат го?* (Байтемиров). *—Токтогул аман келди — деп, Тосуп чыгып делбиреп* (Токтогул).

ДЕЛБИРӨӨ делбире этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛДЕГЕЙ *сын.* Делдейген, калдагай. *Бектай жаргак кабак, бакыраң көз, делдегей кулак бала* (Бейшеналиев).

ДЕЛДЕЙ *этиш.* 1. Эби-сыны жок болуп калдайып туруу, калдайып көрүнүү. *Кулагы делдейип турат.*

2. Эмне кыларын билбей далдыроо. *Кайда кетеримди билбей, делдейип карап калдым* («Ала-Тоо»). *Эркинбек чоочун аялдын билгичтигине таң калгандай делдее башын ийкеди* (Жантөшев).

ДЕЛДЕЙТ делдей этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕЛДЕЙҮҮ делдей этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛДЕК делдең менен бирдей.

ДЕЛДЕКТЕ делдеңде менен бирдей.

ДЕЛДЕҢ *сын.* Делдейген, калдагай. *Делдең кулак.*

◆**Делдең-делдең этүү** — делдейүү, делдегей көрүнүштө кыймылдоо.

ДЕЛДЕҢДЕ *этиш.* 1. Делдең-делдең этүү, делдектөө; шашкалактап жүгүрүү. *Делдеңдеп жүгүрүү.*

ДЕЛДЕҢДЕТ делдеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕЛДЕҢДӨӨ делдеңде этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛДИРЕ *этиш.* Эмне кыларын билбей, дал болуу. *Ак жерден кармап сот кылып, Айдоодо жүрдүң делдиреп* (Токтогул).

ДЕЛДИРЕТ делдире этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕЛДИРӨӨ делдире этишинин кыймыл атоочу.

ДЕЛЕ *был.* Тактоо, күчөтүү маанисинде айтылат. *Балдар түшкөн вертолётко мен деле түшөм* («Жаш ленинчи»). *Биз деле ушул айылдын кедейлери болобуз* (Сыдыкбеков).

ДЕЛЕБЕ *зат.* Кызыгуу, кумарануу сезими. *Күлжандын сыпайы гана мамилеси Сарымсаковдун делебесине муздак суу бүркөндөй болду* (Байтемиров). *Күү делебени козгоп, бой чымыратып, кайрат берүүдө* (Сыдыкбеков).

ДЕЛЕГАТ *зат.* Кандайдыр бир уюмдун, мекеменин, коллективдин шайланган же дайындалган өкүлү. *Топтошуп тынчтык туусуна, Делегат келер миңдеген* (Нуркамал). *Съездге республикабыздын бардык райондорунан делегаттар келишти* («Кыргызстан пионери»).

ДЕЛЕГАЦИЯ *зат.* Делегаттар тобу, өкүлдөр тобу. *Вокзалда делегация поезд күтөт, Узатып Кубат барган ойлогондой* (Үмөталиев).

ДЕЛӨӨРҮ *этиш.* Жээлигүү, ээлигүү, эң-дең болуу. *Эмнегедир Борзуковдун санаасы тынбай, делөөрүп туруп алды* (Сыдыкбеков). *Жылкы оттобостон делөөрүп, өйүз тарапты карады* (Убукеев). *Эне делөөрүй бакырып, жерге кулады* («Ала-Тоо»).

ДЕЛПИЛДЕ *этиш.* 1. Желпилдөө. *Жел бардык күчүн жыйнап келип ураганда, жаман үзүк делпилдейт* (Элебаев). *Пальтосунун этектери делпилдеп баратат* (Байтемиров).

2. *өт.* Жеңилдик кылып курулай күчөнүү, умтулуу, дегдөө. *Куру бекер делпилдебей отура тур, сенсиз дале ишти өзүбүз бүтүрүп коёлу деп жатабыз* («Чалкан»).

ДЕЛЬФИН *зат.* Тиштүү киттер тукумуна кирген сүт эмүүчү деңиз жаныбары.

ДЕМ *зат.* 1. Таноо, ооз аркылуу тыштан ичке, ичтен тышка чыгарыла турган аба. *Көздөнүм кысылгансыйт, чыкпай демим* (Абдукаримов). *Дарыяхандын бир топко деми буулуп турду* (Жантөшев).

2. Күч, кубат, кайрат. *Баласынын деми аны өргө жетеледи* (Байтемиров). *Биринчи ийгиликтин деми бизди зор ишке шыктандырды* («Ала-Тоо»).

◆ **Дем алыш** — тыныгуу, эс алуу мөөнөтү. *Дем алыш күн. Дем алыш убагы.* **Дем алуу** — тыныгуу, эс алуу. **Демин ичине алуу** — унчукпоо, үн катпоо, билмексенге салып, ичине сактоо. **Дем берүү** — күч берүү, кайрат берүү, кайраттандыруу, кубат кошуу. **Дем кылуу** — медер кылуу, арка кылуу, таянуу. *Кабылан Манас чыгарым, Бир өзүңдү дем кылдык* («Манас»). **Дем салуу** — дуба окуу жолу менен эмдөө. *Эшен кожо чогулуп, Дем салган менен айыкпайт* (Барпы). **Демин суутуу** — көңүлүн калтыруу, назарын сындыруу. *Кайсы бирөө курбусунун демин суутуп, башка жакка басып кетет* (Бейшеналиев). **Бир демде** — бир заматта. *Үшинтип душман бир демде, Бетме-бет кирип келгенде* (Аалы). **Дембе-дем** — уламдан-улам, үстүүстүнө, үстөкө-босток. *Мектеп курулушун тургузуу иши дембе-дем кызыды* (Сыдыкбеков). *Жигит тамекисин дембе-дем сорот* («Ала-Тоо»).

ДЕМАГОГ *зат.* Демагогиялык амалды колдонуучу адам.

ДЕМАГОГИЯ *зат.* Өзүнүн жаман ойлуу максатына жетишүү үчүн, элдин артта калган бөлүгүнүн аң-сезимине апыртмалуу сөздөр менен таасир кылып, алардын көңүлүн өзүнө тартууга жасаган аракет.

ДЕМДЕ *этиш.* Дымыктыруу, буулоо. *Күрүч демде. Энемдин айтуу боюнча көк чайды ачуу кылып демдедим* (Жантөшев).

ДЕМДЕН *этиш.* Күч алуу, кубаттануу, кайраттануу. *Таанып үн кулагына угулганда демденет да, Жылдыз башын көтөрөт* (Байтемиров). *Күндөн-күнгө жарыктык Көтөрүлдү демденип* (Осмонкул).

ДЕМДЕР: күүлүү-демдер — күүлүү-күчтүү, кубаттуу, кайраттуу. *Келиңиз, байбиче, келиңиз, күүлүү-демдер жүрөсүзбү?* (Турусбеков).

ДЕМДЕТ демде этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕМДӨӨ демде этишинин кыймыл атоочу.

ДЕМДҮҮ *сын.* Күүлүү тың, кайраттуу, күчтүү. *Кечээгимден мен бүгүн Алда канча демдүүмүн* (Үмөталиев). *Атаң кандай демдүү-күчтүү турабы* (Абдукаримов).

ДЕМЕ *этиш.* Үстүнө кошуу, кошумчалоо. *Кымыз эмес эле бал экен, Жээнге демеп күй* (Аалы). *Түн эле, кар чапкындап элеп турду, Борошо бет бактырбай демеп турду* (Аалы). *Мына бүгүн мен Москванын кечинде, Демилгени демеп турган кезинде* (Аалы).

ДЕМЕЙДЕ *такт.* Башка убакыттарда, башка күндөрдө буга чейин. *Бул сөздү укканда демейде шайыр, сөзмөр Жамиланын кабагы бүркөлдү* (Баялинов). *Демейде булут бүгүп жатуучу береги кара асканын башы да ачылып калыптыр* (Байтемиров).

ДЕМЕК *мод.* Кандай себептен, эмнеликтен болгондугун, болууга тийиш экендигин белгилөө, аныктоо учурунда колдонулат. *—Демек, анын күйөө баласы Зуннахун менен да тааныш экенсиз да* (Жантөшев). *Демек, бүгүнтөн баштап кам көрө башташ керек экен* («Жаш ленинчи»).

ДЕМЕКЧИ *мод.* Айтмакчы, баса. *Демекчи, бизде уйсуз, малсыз колхозчулар жок* (Элебаев).

ДЕМИГҮҮ демик этишинин кыймыл атоочу.

ДЕМИК *этиш.* 1. Оор жана тез-тез дем алуу, энтигүү. *Тоо абасы тездете басууга мүмкүндүк бербей демиктирди* (Убукеев). *Ат демигип турат.*

2. Алдыга умтулуу. *Алдыңкыга жетсем деп, Арткы киши демигет* (Осмонкул). *Илгери карай демигип.*

ДЕМИКТИР демик этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕМИЛГЕ *зат.* Белгилүү бир иштин башталышына, колго алынышына же аткарылышына багытталган аракет, дем, чечкиндүүлүк. *Бул демилгени селолук жаштардын бардыгы жан-дили менен колдошкон* («Советтик Кыргызстан»). *Жаштар көтөргөн жакшы демилгелерди ар дайым колдоп туруу керек* («Ленинчил жаш»).

ДЕМИЛГЕЛҮҮ *сын.* Демилгечил, демилгеси бар. *Демилгелүү жаштар.*

ДЕМИЛГЕЧИ *зат.* Демилге көрсөтүүчү, демилге көтөрүүчү, белгилүү бир ишти баштоочу. *Ар бир кызылчаны адилет иштеген демилгечи болсо, колхозубуз жеңишке ээ болору талашсыз* (Жантөшев). *Бул ишке Ташбай аке да демилгечи болду* (Сыдыкбеков).

ДЕМИЛИТАРИЗАЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир мамлекеттин согуш өнөр жайларына ээ болушуна армияга топтошуна тыюу салуу; куралсыздандыруу.

ДЕМИТ *этиш.* 1. Жулкунуу, жулунуу, тап берүү. *Ит этегин жулуп алчудай демите берди.*

2. Бирөөгө кыр көрсөтүү, кекетүү, үстөмдүк кылуу. *Кедейди көргөндө сенин де-*

мите бергендей жиниң барбы? (Каралаев). *Жардысың деп демитпе* (Токтогул). *Чаргын уруп жиберчүдөй демитти* (Сыдыкбеков).

ДЕМИТҮҮ демит этишинин кыймыл атоочу.

ДЕМОБИЛИЗАЦИЯ *зат.* 1. Куралдуу күчтөрдү жана өнөр жайларды согуш абалынан тынчтык абалына өткөрүү.

2. Армиянын тынчтык абалга өтүшүнө байланыштуу аскер кызматкерлерин бошотуу, резервге же отставкага чыгаруу.

ДЕМОКРАТ *зат.* 1. Демократиялык партиянын мүчөсү.

2. Демократияны жактоочу адам.

ДЕМОКРАТИЗМ *зат.* Демократияны таануу, аны иш жүзүнө ашыруу.

ДЕМОКРАТИЯ *зат.* 1. Бийлик элдин колунда болгон мамлекеттик башкаруунун формасы.

2. Кандайдыр бир коллективдин жетекчилик принциби, көпчүлүктүн катышуусу, пикири чечүүчү мааниге ээ болгон.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК *сын.* Демократиянын принциптерине негизделген, демократияны иш жүзүнө ашырган жалпы элге таандык, элдик.

ДЕМОН *зат.* Христиандардын мифологиясында: шайтан, жин.

ДЕМОНСТРАНТ *зат.* Демонстрацияга катышуучу. *Токтогон сайын демонстранттар бир жерде бийлеп жатышат, экинчи бир жакта чогулуп ырдап жатышат* (Шимеев).

ДЕМОНСТРАЦИЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир коомдук-саясий көнүлдү көрсөтүп, массалык түрдө жүрүү. *Аскерлердин парады бүтүп, эмгекчилердин демонстрациясы башталды* (Шимеев). *Биринчи май демонстрациясы.*

2. Нааразылыкты, макул эместикти ж. б. көрсөтүү үчүн көпчүлүктүн чыгыш жасоо же ар кандай башка аракеттери.

3. Көпчүлүккө көрсөтүү. *Кинофильмдердин демонстрациясы.*

ДЕМОРАЛИЗАЦИЯ *зат.* 1. Моралдык бузулуу.

2. Ындыны өчүү; аракет кылуу жөндөмдүүлүгүнөн ажыроо.

ДЕМӨӨ деме этишинин кыймыл атоочу.

ДЕМӨӨР *зат.* Кайрат, таяныч, өбөлгө. *Кебек карыя Батыш үчүн демөөр болду* (Байтемиров). *Делинген сөздөн демөөр берери жок* (Жантөшев). *Иштин да медери, айбаты, демөөрү болот экен* (Сыдыкбеков).

ДЕН I *зат.* Дене. *Менин деним таза, оорум жок* (Жантөшев). *Эненин денин жерге көмүштү* (Аалы).

◆**Ден соолук**—саламаттык. *Ден соолук—зор байлык.* **Дениң сообу** — акыл-эсиң ордундабы, соосуңбу. *Өйдө-төмөн кепке түшүнбөй оолжуйсуң, деги дениң сообу* («Чалкан»).

ДЕН II *зат.* Таандык, тийиштүү, ылайык. *Мага ден бала. Бизге ден.*

ДЕНЕ *зат.* Тулку бой, ден. *Эркекыздын денеси калтырап, көзү чакырайды* (Байтемиров). *Баягы балканактай эткээл дене да жок* (Байтемиров).

◆ **Дене тарбиясы** — физкультура. *Жаш балдардын дене түзүлүшүнүн туура өсүшүндө дене тарбиясынын ролу чоң* (Сыдыкбеков). **Дене кул** — ата-бабасынан бери байга кызмат кылып, кул болуп өткөндөр. *Калың кара журтуңду Дене кул кылып кетпесин* («Манас»). *Алардан калган балдарды Дене кул кылып алганы* («Манас»).

ДЕНЕЛҮҮ *сын.* Кабелтең, алибеттүү; бойлуу. *Москоол денелүү, узун бойлуу кара киши Сансыздын досу Карып* (Жантөшев).

ДЕҢГАНА деңгене менен бирдей.

ДЕҢГЕНЕ *зат.* Чогулган адамдардын чыгымын тең төлөп, майда жандык (кой же эчки) союп уюштурган тамагы. *Жайлай сааган бир эчкилүү дыйкандын бир улагын деңгенеге союшат* (Осмонкул).

ДЕҢГИРЕ *этиш.* Башы айлануу, эс оош, эңги-деңги болуу. *Деңгиреп бир аздан соң, ал жигит да бук түшүп жатып калды* (Маликов).

ДЕҢГЭЭЛ *зат.* 1. Бир нерсенин мейкиндиктеги болгон чеги.

2. Даража. *Билим деңгээли. Турмуш деңгээли.*

ДЕҢДАРА деңдароо менен бирдей.

ДЕҢДАРОО: деңдароо болуу — эмне кыларын билбей дал болуп калуу. *Шарип деңдароо болуп, тизгинин карыштыра кармаган боюнча тура берди* (Бейшеналиев).

ДЕҢИЗ *зат.* 1. Океандын кургактык менен курчалган бөлүгү, кеңири көлөмдөгү суу мейкиндиги. *Баренцово деңизи. Жер Ортолук деңизи.*

2. *өт.* Мол, кең-кесири, эң эле көп. *Тоо жарылып мол келет, Толкуган деңиз кол келет* («Манас»).

ДЕҢКЕЙ *этиш.* Дердейүү, бой көтөрүү. *Өзү үчүн гана эңкейип, Өзгөнүн баарына деңкеет* (Борбугулов).

ДЕҢКЕЙТ деңкей этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕҢКЕЙҮҮ деңкей этишинин кыймыл атоочу.

ДЕПАРТАМЕНТ *зат.* 1. Революцияга чейинки Россияда жана кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдө: министерствонун, кандайдыр бир жогорку мамлекеттик же соттук мекеменин бөлүмү.

2. АКШда жана Швейцарияда: министерство.

ДЕПКИР *зат.* Тамак сүзүп алуучу тешиктешик чөмүч.. *бала депкирден түшкөн эки боорсокту ала койду* (Аалы).

ДЕПТЕР *зат.* Тыштатып тигилген, жазуу үчүн колдонула турган барак-барак актай кагаздар. *Окуучулар дептери. Чөнтөк дептер.*

ДЕПТЕРЧЕ *зат.* Кичинекей дептер, блокнот. *Чөнтөгүмдөн дептерчемди алганмын* (Шамшиев).

ДЕПУТАТ *зат.* Жогорку бийлик органдарына эл тарабынан шайланган өкүл. *Эмгекчилер депутаттарынын райондук совети. Жергиликтүү советтердин депутаттары. Жогорку советтин депутаты.*

ДЕПУТАТТЫК *сын.* Депутатка тийиштүү, депутатка таандык. *Шаардык совет-*

тин депутаттыгына кандидат кылып көрсөтүү. Депутаттык милдет.

ДЕРДЕЙ *этиш.* 1. Таноосу көөп, көтөрүлүп көрүнүү. *Кош таноосу дердейип* («Манас»).

2. *өт.* Бой көтөрүү, көөп кетүү, орунсуз чиренүү. *Бизге күчүн көрсөтөлү деп Шариптер дердейишти* (Бейшеналиев).

ДЕРДЕЙТ дердей этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕРДЕЙҮҮ дердей этишинин кыймыл атоочу.

ДЕРДЕҢДЕ *этиш.* 1. дердей менен бирдей. *Азоолордун таноолору дердеңдеп, кошкурук атып, жалт кайра бурулушту* («Жаш ленинчи»).

2. *өт.* Көңүлү көтөрүлүү, көйрөңдөнүү, көөп кетүү.

ДЕРДЕҢДЕТ дердеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ДЕРДЕҢДӨӨ дердеңде этишинин кыймыл атоочу.

ДЕРЕЙ дердей менен бирдей.

ДЕРЖАВА *зат.* Өз алдынча саясат жүргүзүүчү көз каранды эмес ири мамлекет. *СССР дүйнөдө теңдеши жок державага айланды* («Коммунист»).

ДЕРМАТИН *зат.* Булгаарыга окшотуп жасалган материал, ткань. *Кызгылтым дерматин менен капталган каалгалуу кабинетти ача койду* (Бейшеналиев).

ДЕС *зат.* Күч, бийлик. *Жамандын колуна дес тийсе, оңдурбайт.*

◆ **Деси кайтуу** — демеги сууй түшүү, шагы сынуу.

ДЕСАНТ *зат. воен.* Согуш аракетин жүргүзүү үчүн душмандын территориясына самолёт же кеме аркылуу түшүрүлгөн аскерлик күч.

ДЕСПОТ *зат.* 1. Байыркы Чыгыштын кул ээлөөчү монархиясындагы чексиз бийлик жүргүзүүчү жогорку аким. *Аныктап Азияны уккам андан, Деспоттор эң жүрөгүн тилген жара* (Аалы).

2. *өт.* Жеке бийликтүү, башкалардын тилеги менен эсептешпестен, бардыгын өзүнүн дегенине багындыруучу катаал киши, зулум, зөөкүр.

ДЕСПОТИЗМ *зат.* Чексиз бийлик, өз билгенин иштөөчүлүк.

ДЕСЯТНИК *зат.* Курулушта жумушчулар тобуна башчылык кылган адис; он баш. *Егордун жогун жоктотпой, Ашырларга десятник болуп, Кузьма Иванов келди* (Сасыкбаев).

ДЕТАЛЬ *зат.* 1. Иштин же белгилүү бир маселенин ийне-жибине чейинки бардык жагы, бардык көрүнүштөрү.

2. Механизмдин, машинанын бөлүктөрү, тетиктери.

ДЕТДОМ *зат.* Балдар үйү. *Антонина Костяны кандайдыр бир детдомго берди* (Баялинов).

ДЕФЕКТ *зат.* Кемчилик, кем жер.

ДЕФИС *зат.* Татаал сөздөрдүн (мис., өйдө-төмөн, жеңил-желпи, Ысык-Көл) арасына коюлуучу же ташымалдын белгиси катарында колдонулуучу кыска сызыкча (-).

ДЕФИЦИТ *зат.* 1. Кирешеден чыгашанын ашып кетиши, зыяндап калышы.

2. Бир нерсенин жетишсиздиги, тартыш болуп турушу.

ДЕФОРМАЦИЯ *зат.* Форманын бузулушу, өзгөрүшү.

ДЕЦИМЕТР *зат.* Метрдин ондон бир бөлүгүнө барабар болгон узундук чен.

ДЖАЗ *зат.* Көбүнчө урма жана үйлөмө музыкалык инструменттерден түзүлгөн оркестр.

ДЖЕМПЕР *зат.* Жүндөн же жибектен токулган кофта. *Үстүнө кара көк джемпер кийген кара тору кыз Мырзабекти карайт* (Абдумомунов).

ДЖЕНТЛЬМЕН *зат.* 1. Буржуазиялык коомдо үстөмдүк кылуучу таптын кулкмүнөзүн, моралын сактоочу адам.

2. Өзүн мырза, сыпайы катарында көрсөткөн адам.

ДЖУНГЛИ *зат.* Тропиктик өлкөлөрдөгү чытырман токой.

ДИАГНОЗ *зат. мед.* Оору адамды бардык жагынан текшерүү негизинде анын оорусун табуу (белгилөө). *Оорунун диагнозун койгондон кийин, аны дарылаш оңой болот* (Абдумомунов).

ДИАГНОСТ *зат.* Диагнозду туура коюу жагынан өзгөчөлөнгөн врач.

ДИАГНОСТИКА *зат.* Медицинанын диагноз методу жөнүндөгү бөлүмү.

ДИАГОНАЛЬ *зат.* 1. *мат.* Көп бурчтуктун тушташ эмес эки бурчун кошуучу түз сызык же көп кырдыктын бир тегиздикте жатпаган бурчтарын кошуучу түз сызык.

2. Кыйгачынан келген жол-жол кыры бар кездеме.

ДИАГРАММА *зат.* Кандайдыр бир чоңдуктун ара катышын даана көрсөтүп турган чийме. *Өнөр жайлардын өсүш диаграммасы.*

ДИАЛЕКТ *зат.* Тилдин жергиликтүү өзгөчөлүктөр боюнча өз ара айырмаланып турган ички тарамы, бөлүнүшү.

ДИАЛЕКТИЗМ *зат.* Диалектилик факт, адабий тилдин нормасына карама-каршы мүнөздөгү жергиликтүү өзгөчөлүк.

ДИАЛЕКТИК *зат.* Диалектикалык философиянын жактоочусу.

ДИАЛЕКТИКА *зат.* Жаратылыштын, адамзат коомунун, аң-сезимдин өнүгүп, өзгөрүп турушунун жалпы закондору жөнүндөгү илим, ички карама-каршылыктарды, эски менен жаңынын ортосундагы күрөштү ачуу жолу менен жаратылыштын жана коомдук тынымсыз кыймылда, өнүгүп-өзгөрүү абалында болуп турган кубулуштарын билүүнүн илимий методу.

ДИАЛЕКТИКАЛЫК *сын.* Диалектикага негизделген. *Диалектикалык материализм. Диалектикалык философия.*

ДИАЛЕКТИЛИК *сын.* Диалектиге таандык, адабий тилдегидей эмес. *Тилдин диалектилик өзгөчөлүгү.*

ДИАЛЕКТОЛОГ *зат.* Диалектология жагынан специалист.

ДИАЛЕКТОЛОГИЯ *зат.* Тил илимини диалектилерди изилдөөчү бөлүмү.

ДИАЛЕКТОЛОГИЯЛЫК *сын.* Диалектологияга таандык, диалектология жагынан. *Диалектологиялык изилдөө. Диалектологиялык атлас.*

ДИАЛОГ *зат.* Эки же бир нече кишинин өз ара сүйлөшүүсү, аңгемеси; ушундай формада жазылган адабий чыгарма.

ДИАМАТ *зат.* Диалектикалык материализм (окуу курсу жөнүндө).

ДИАМЕТР *зат.* Тегеректин борборун басып өтүп, анын эки четки чекитин (точкасын) кошкон түз сызык.

ДИВАН *зат.* Отурууга же жатууга ылайыкталып жасалган жумшак мебелдин бир түрү. *Бир капшытта диван бар* (Шимеев).

ДИВИЗИОН *зат.* 1. *сог.* Артиллериядагы, кээде кавалериялык жана бронетанкалык бөлүмдөрдөгү аскердик бөлүктөр. 2. *деҥ.* Бир типтеги бир түрдүү кемелердин бирикмеси.

ДИВИЗИЯ *зат.* Бир нече полктон же бригададан түзүлгөн ири аскердик бирикме.

ДИГЕР *зат.* 1. *дин.* Бешимден кийинки намаз.

2. Күн батардын алдындагы мезгил, маал. *Дигер болуп калды.*

ДИДАКТИКА *зат.* Окутуунун мазмунун, методдорун жана формаларын негиздеп көрсөтүүчү педагогикадагы өзүнчө бөлүм.

ДИДАР *зат.* Адамдын бети, жүзү. *Аман эсен келгиле, Ак дидарым көргүлө!* («Эр Табылды»). *Жогол көзүмө көрүнбөй, дидарың курсун сенин!* (Байтемиров).

ДИЕТА *зат.* Оору же айгыгып келе жаткан кишиге белгиленген тамак режими.

ДИЗЕНТЕРИЯ *зат.* Ичтен кан өткөрмө, жугуштуу ич өткөк оорусу.

ДИК: дик-дик *туур.* Жүрөктүн ылдам, бат-бат соккондогу дабышы. *Жүрөгүм дик-дик этет.*

ДИКИЛДЕ *этиш.* Дик-дик этүү, тез-тез кагуу (жүрөк жөнүндө); тызылдап тез жүгүрүү. *Жүрөгүм жарылып кетчүдөй болуп дикилдейт* (Баялинов). *Бир кара бала дикилдеп жетип келди* (Касымбеков). *Качан көрсөм дикилдеп, Элеҥдеп келе жатканы* (Шүкүрбеков).

ДИКТАНТ *зат.* Окуп бериле турган тексттерди жаздыруу аркылуу окуучуларды туура жазууга көнүктүрүү жумушу, жат жазуу.

ДИКТАТ *зат.* Империалисттик державанын башка бир өлкөгө өз шартын, талабын күч менен таңуулоо, ошого макул кылдыруу саясаты.

ДИКТАТОР *зат.* 1. Мамлекетти башкаруу жагынан чексиз бийликке ээ болгон адам.

2. Байыркы Римде: мамлекеттин ички жана тышкы абалына карата зарылчылыгы болгон учурларда сенат тарабынан белгиленген толук бийликке ээ болгон башкаруучу.

ДИКТАТУРА *зат.* Үстөмдүк кылуучу тапка сүйөнгөн, эч нерсе менен чектелбеген мамлекеттик бийлик.

◆ **Пролетариат диктатурасы** — социалисттик революцияда жеҥип чыккан жумушчу табынын мамлекеттик бийлиги.

ДИКТОР *зат.* Радио аркылуу берилүүчү кабарларды микрофон алдында окуп туруучу киши.

ДИКЦИЯ *зат.* Ырда, декламацияда сөздөрдү жана муундарды айтуудагы тактык.

ДИЛ *зат.* Жүрөк; көңүл. *Дили менен бек иштеп, Артта калбай тез иштеп жатканына кубанам* (Осмонкул). *Дилимдеги бул ырды мырзага таап чийдирдим* (Барпы).

◆ **Жан-дили менен** *к.* **жан I.**

ДИЛБАР *сын.* Татынакай, жакшынакай, сүйүктүү. *Тил билгич, аты Гүлнар, өзү дилбар* (Үмөталиев). *Дилбарым, кайра өзүңдөн кат күтөмүн* (Үмөталиев).

ДИЛГИР *зат.* Ынтызар. *Окуугa өтө дилгир болучу* («Ленинчил жаш»). *Кайыр Купуяны көрүүгө дайым дилгир* (Аалы). *Андрей Ревкомдун кандай гана болбосун тапшырмасын аткарууга дилгир* (Сасыкбаев).

ДИЛГИРДИК *зат.* Ынтызар болгондук, кызыккандык, даяр тургандык.— *Саламат — деп, Жолой Жолдошевич орду нан тура калганда, жаш жигит эки колун кабаты менен сунуп, учурашууга дилгирдигин билгизди* (Каимов).

ДИЛДЕ *зат.* Алтын, алтын акча, алтын буюм. *Дилдени төвөгө жүктөтүп, Жибектен аркан тарттырып* («Эр Төштүк»). *Дилде жүгөн каттырган* («Манас»).

ДИЛДИРЕ *этиш.* Дирилдөө, дирилдеп козголуу, теңселүү, чайпалуу. *Жалбырак учуп дилдиреп, Жабыккан түрүн билдирет* (Аалы).

ДИЛДИРЕК дирилдек менен бирдей.

ДИН *зат.* Илимий көз карашка карамакаршы келүүчү табигаттан тышкаркы күчкө негизделген жалган ишеним. *Мусулман дини. Христиан дини. Илим динге каршы күрөш жүргүзүү керек*

ДИНАСТИЯ *зат.* Башкаруучулук атасынан баласына өтүп, өкүм сүрүп келген монархтардын катары, салты.

ДИНДИК *сын.* Диний, динге таандык.

ДИНИЙ диндик менен бирдей.

ДИНЧИЛДИК *зат.* Динге берилгендик, динге ишенгендик.

ДИҢКЕ: диңкеси куруу — дарманы, алы кетүү, шайы кетүү, чаалыгуу.

ДИПЛОМ *зат.* 1. Жогорку жана атайын орто билими, же кандайдыр бир наамы, илимий даражасы бар экендикти күбөлөндүрүүчү документ. *Жогорку маалыматы бар экендигин көрсөтүп турган диплом анын колунда* («Чалкан»). *Тарых илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны билдирген диплому бар.*

2. Кандайдыр бир укукка же сыйлыкка татыктуу болгондукту, жетишкендикти күбөлөндүрүүчү документ. *Биринчи даражадагы диплом. Сууда сүзүү боюнча мелдеште экинчи даражадагы дипломго ээ болду.*

ДИПЛОМДУК *сын.* Диплом алуу боюнча иштелген иштерге, дипломго таандык. *Дипломдук проект. Дипломдук иш.*

ДИПЛОМАТ *зат.* 1. Чет мамлекет менен сүйлөшүп туруу үчүн өкмөт тарабынан жиберилген өкүл.

2. *сүйл.* Башкалар менен мамиле кылууда эптүү, айлакер, чебер киши.

ДИПЛОМАТИЯ *зат.* Мамлекеттин тышкы эл аралык саясатын иш жүзүнө ашыруу боюнча өкмөт тарабынан жүргүзүлгөн иштер.

ДИПЛОМНИК *зат.* Окууну бүтүрөр алдындагы дипломдук ишти даярдап жаткан студент.

ДИР: дир-дир *туур.* Диркиреп, титиреген кыймылдын дабышы. *Көпөлөк айнекке уруна улам жогорулап көтөрүлүп, канаттарын дир-дир сокту* (Сыдыкбеков).

ДИРДИЙ *этиш.* Тирелип, тирсийип чыгып туруу. *Бурчтары дирдийген опокшош алты ак жаздык жүктүн үстүндө катар тизилген* (Сыдыкбеков). *Дирдийген эки чаначты теңденип келе жаткан жылкычыга жолуктук* («Ала-Тоо»).

ДИРЕКТИВА *зат.* Төмөнкү органдар аткарууга милдеттүү болгон жогорку органдын жетекчилик көрсөтмөсү.

ДИРЕКТОР *зат.* Мекеменин, ишкананын, окуу жайынын башкаруучусу, жетекчиси. *Менин таякем мектеп директору* (Сыдыкбеков). *Заводдун директору.*

ДИРЕКТОРАТ *зат.* Директор жетекчилик кылган чиркемеинин башкаруу коллегиясы, дирекция.

ДИРЕКЦИЯ *зат.* Башында директор турган ишкананын, мекеменин, окуу жайынын жетекчилик органы.

ДИРИЖЁР *зат.* Оркестрди, хорду, опералык же балеттик спектаклди башкаруучу киши.

ДИРИЛДЕ *этиш.* 1. Дир-дир этүү, титиреп термелүү, титирөө, калтыроо. *Жалбыректары .дирилдеп, теребел тынымсыз шыбырайт* (Сыдыкбеков).

2. Диркирөө, диркиреп агуу. *Ээзнин эмчегинен сүт дирилдеп, такымына жаба берип турган эле* (Байтемиров). *Дирилдеп кан чыгып турат.*

ДИРИЛДЕК *зат.* Шамалга дирилдеп айлана турган оюнчук.

ДИРИЛДЕТ дирилде этишинин аркылуу мамилеси.

ДИРИЛДӨӨ дирилде этишинин кыймыл атоочу.

ДИРКИРЕ *этиш.* Дир-дир этип агуу катуу чыгуу. *Уйдун төрт эмчегинен тең сүтү диркиреп агып кетти* («Жаш ленинчи»). *Диркиреп чыккан кан.*

ДИРКИРЕТ диркире этишинин аркылуу мамилеси.

ДИРКИРӨӨ диркире этишинин кыймыл атоочу.

ДИРТ *туур.* Денеинин кескин түрдө тез-тез кыймылдашы, диртилдеп тартылышы. *Нак жүлүнгө сайып алгандай болуп, денеси дирт дей түштү* (Сасыкбаев). *Дирт-дирт этип, жаны дагы эле чыга элек* (Сасыкбаев).

ДИРТИЛДЕ *этиш.* **Дирт-дирт этип кыймылдоо, тартылуу.** *Балтыр эти диртилдеп тартылып турат* («Ала-Тоо»).

ДИРТИЛДЕТ диртилде этишинин аркылуу мамилеси.

ДИРТИЛДӨӨ диртилде этишинин кыймыл атоочу.

ДИСКРИМИНАЦИЯ *зат.* Укугун чектөө, тең укуктуулугунан ажыратуу.

ДИСКУССИЯ *зат.* Кандайдыр талаш маселенин көпчүлүк катышкан жыйналышта эркин түрдө талкууланышы.

ДИСПАНСЕР *зат.* Ооруларды дарылоочу жана ооруларды алдын алуу иштерин жүргүзүүчү медициналык мекеме.

ДИСПЕТЧЕР *зат.* Поезд, машина, пароход сыяктуу транспорттордун жүрүшүн жайгаштырып, жөнгө салып туруучу адам. *Кенге кетүүчү машинаны күтүп автогараждагы диспетчер бөлмөсүндө отурууга туура келди* (Сасыкбаев).

ДИСПУТ *зат.* Илимий, адабий ж. б. темада көпчүлүк алдында өткөрүлгөн талаш.

ДИССЕРТАНТ *зат.* Илимий даража алуу үчүн өзүнүн илимий эмгегин (диссертациясын) көпчүлүк алдында коргоочу адам.

ДИССЕРТАЦИЯ *зат.* Илимий даража алуу үчүн жазылган илимий эмгек. *Кандидаттык диссертация. Илимдин доктору деген илимий даражаны алуу үчүн жазылган диссертация.*

ДИССИМИЛЯЦИЯ *зат.* 1. Окшоштукту, окшош туруучулукту жоюучу, бузуп өзгөртүп жиберүүчү өнүгүш.

2. *биол.* Организмдин жашоо, өнүгүү процессинде органикалык татаал заттардын бузулушу.

3. *линг.* Бир типтеги тыбыштардын катар айтылышта окшошпой калуусу, өз ара окшоштуктарынын өзгөрүп кетиши.

ДИСТАНЦИЯ *зат. спорт.* Старт менен фиништин ортосундагы аралык.

ДИСЦИПЛИНА I *зат.* Тартип; белгиленген тартипке коллективдин бардык мүчөлөрүнүн милдеттүү түрдө моюн сунушу.

ДИСЦИПЛИНА II *зат.* Кандайдыр бир илимдин тармагы, окуу предмети.

ДИТ *зат.* 1. Көңүл, ой. *Бирок Самарда андай пикир жок болчу, анын дити башкада* (Таштемиров). *Чаргындын кебин дит менен угуп, прокурор сылык отурат* (Сыдыкбеков).

◆ **Дит багуу** — тике карап, батынуу, тайманбоо. *Көкө Шекерди дит багып карай албай, көздөн далда кеткиче шашты* (Касымбеков).

ДИФТЕРИЯ *зат.* Көбүнчө балдар ооруй турган жана тамактан кармай турган жугуштуу оору.

ДИФТОНГ *зат. линг.* Эки үндүү тыбыштын бир муунда айкалышып колдонулушу.

ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ *зат.* Бир нерсенин айрым, ар түрдүү элементтерге ажыратылышы, бөлүнүшү.

ДНЕВНИК *зат.* Күндөлүк, күндөлүк дептер.

ДОБУЛ *зат.* Катуу жааган мөндүр. *Добул тийген эгиндей Аянычтуу алда калган жүгүнүп* (Аалы). *Долу добул долуланып согулат, Асман каптап, кара булут чогулат* (Бөкөнбаев).

ДОБУЛБАС *зат.* Жоого киргенде, жар салып, чуу көтөргөндө, аңчылыкта ж. б.

учурларда кагыла турган барабан. *Мунарга жарык жагылып, Добулбас бекем кагылып* («Манас»). *Алыстан добулбасты тарс-тарс урган мергенчилер көрүндү*(«Жомоктор»).

ДОБУЛДУУ *сын.* Мөндүрлүү, катуу жаандуу. *Добулдуу нөшөргө дуушар келдик* (Аалы).

ДОБУШ *зат.* 1. Сүйлөгөндө, ырдаганда, кыйкырганда ж. б. учурларда үн түйүнүнүн термелиши аркылуу пайда болгон үн. *Добушун бийик чыгарып ырдоо. Элдин кобурaган добушу. Добуш салуу.*

2. Мамлекеттик, коомдук мекемелердин ар кандай маселелерин чечүүдө, шайлоо учурунда адамдардын пикир, ой билдирүү, белгилүү сунушка кошулуу, кошулбоо укугу жана ушундай ой-пикирдин кол көтөрүү, бюллетень салуу ж. б. аркылуу берилген формасы. *Шайлоочулардын добушу. Маселени добушка коюп чечүү. Көпчүлүк добушка ээ болуу.*

◆ **Бир добуштан** — бир ооздон, бир кишинин айтканындай.

ДОГДОЙ *этиш.* Бакжайып, москоол көрүнүү.

ДОГДОЙТ **догдой** этишинин аркылуу мамилеси.

ДОГМА *зат.* Сын көз менен каралбаган, далилденбеген жана бардык учурда өзгөртүлбөй турган чындык катарында кабыл алынган жобо.

ДОГО *зат.* Бир аттык арабанын жан жыгачтарын каамытка бекитиш үчүн колдонулуучу жаа сыяктуу ийилген жыгач.

ДОГОВОР *зат.* Келишим.

ДОГОО **дого** менен бирдей.

ДОДО *зат.* Бир нерсенин көп болуп жыйылган, үйүлгөн абалы, көрүнүшү. *Топуракты додо кылып үйдүк.*

◆ **Күлү додо болбоо** *к.* **күл I.**

ДОДОЛО *этиш.* Үйүү, чогултуу, үстүүстүнө жыйып үйүү.

ДОЗА *зат.* Дарынын ж. б. бир жолку колдоно турган белгилүү өлчөмү.

ДОЙБУ *зат.* Шашка оюну.

ДОК: док урунуу же док кылуу — иштеген ишин, аракетин ж. б. бирөөгө милдет кылуу, доомат кылуу, ошол аркылуу болбогон талаптарды коюу. *Базарга барып келгенин док кылып, үч күнү үйүнөн чыкпай эс алмакчы* («Чалкан»). *Туугандыкмын деп док урунуп, жалгыз козумду сойдурдуң* («Ала-Тоо»).

ДОКЛАД *зат.* Белгилүү бир тема, маселе боюнча көпчүлүктүн алдында айтыла турган баяндама. *Отчеттук доклад. Илимий темадагы докладдар.*

ДОКТОР *зат.* 1. Врач. *Ким деген доктор дарылады?* (Бейшеналиев).

2. Корголгон диссертациялык эмгектин негизинде берилген жогорку илимий даража жана ушундай даражасы бар адам. *Филология илимдеринин доктору.*

ДОКТОРАНТ *зат.* Докторлук даража алуу үчүн белгилүү бир илимий мекеменин алдында даярдык көрүп жүргөн окумуштуу.

ДОКТОРАНТУРА *зат.* СССР Илимдер Академиясынын, илим-изилдөө институттарынын астында илимий кызматкерлерди, илимдин докторлорун даярдоо системасы.

ДОКУМЕНТ *зат.* Бир нерсенин чындыгын, кандайдыр бир ишти далилдей турган иш кагазы. *Тийиштүү документтерин өткөрүп, үчөө тышка чыгышты* (Абдраимов). *Комиссар тиги төртөөнүн документтерин карап кайра берди* (Жантөшев).

ДОКУМЕНТТҮҮ *сын.* Документке негизделген, документи бар.

ДОЛБООР *зат.* Белгилүү бир иштин, документтин ж. б. болжолдуу планы, анын талкууга алынып жана бекитиле турган болжолдуу жыйынтыгы, схемасы. *Колхоздун башкармасынын заседаниесинде кабыл алынган жаңы уставдын долбоорун Сман окуп берди* (Каимов).

ДОЛДОЙ *этиш.* Колдоюп, оңтойсуз, эби-сыны жок болуп көрүнүү. *Эң нерсеге эби жок, долдоюп тура берме бала болуптур* («Ала-Тоо»).

ДОЛДОЙТ **долдой** этишинин аркылуу мамилеси.

ДОЛДОЮУ **долдой** этишинин кыймыл атоочу.

ДОЛДУРА *этиш.* Бирдеме деп сүйлөмүш болуу, балдырап бир нерсени айтымыш болуу. *Локуйган шайтан бирдемени долдурап коюп, комузду мага сунбагай эле* (Сыдыкбеков).

ДОЛДУРАТ **долдура** этишинин аркылуу мамилеси.

ДОЛДУРОО **долдура** этишинин кыймыл атоочу.

ДОЛЛАР *зат.* Америкадагы жана кээ бир башка мамлекеттердеги акча бирдиги.

ДОЛОНО *зат.* Майда-майда ашы бар, тикенектүү токой жыгачы. *Укурүгүм долоно Ууру-бөрү жолобо* («Бекбекей»).

ДОЛУ *сын.* 1. Ажаан, тажаал, албуут. *Албуут адам. Албуут аял.*

2. *өт.* Бууракандаган, чамынган. *Токтолуп долу бороон таң да атты* (Маликов). *Толкундап долу деңиздей, Дон суусун жиреп өткөндө* (Бөкөнбаев). *Долу толкун.*

ДОЛУЛАН *этиш.* Долусун карматуу, долулугун көрсөтүү, албууттануу. *Идаятхан долуланып ыйлай баштады* (Жантөшев).

ДОЛУЛАНТ **долулан** этишинин аркылуу мамилеси.

ДОЛУЛАНУУ **долулан** этишинин кыймыл атоочу.

ДОЛУЛУК *зат.* Ажаандык, тажаалдык, албууттук, долулангандык. *Көктүгү муздай, долулугу суудай* (Сыдыкбеков). *Ушунун долулугу өттү.*

ДОМБУРА *зат.* Казак элинин эки кылдуу музыкалык аспабы. [*Каныбек*] *Семейлик бир казактан сатып алган домбурасын белинен чечип алды* (Жантешев). *Токтогулдун токсон кайрык күүлөрүн, Домбурага толгой тартып ырдадың* (Аалы).

ДОМДО *этиш.* Бир аз уруп жазалоо, какыс-кукус кылуу, бир аз сезин алган болуу. *Тил албаган баласын биртике домдоп койсо боло* («Ала-Тоо»).

ДОМИНИОН *зат.* Британиялык империянын өзүн-өзү башкаруучу бөлүгү (мурунку колония).

ДОМИНО *зат.* Бир жак бетине майда тактар аркылуу очколору белгиленген, төрт бурчтуу, жалпак келген 28 таш менен ойноло турган оюн жана ушундай оюн үчүн жасалган таштардын тобу.

ДОМКРАТ *зат.* Оор нерсени бир аз жогору көтөрүүчү механизм.

ДОМНА *зат.* Темир кенинен чоюн эритип чыгаруучу шахталык меш.

ДОНОР *зат.* Оору же жарадар болгон кишиге куйдуруу үчүн өзүнүн канын берүүчү адам.

ДОҢК: доңк-доңк *туур.* Олдоксон желгенде, жүгүргөндө, бир нерсени урганда, чокуганда ж. б. чыккан дабыш. *Тал арасында доңк-доңк этип карагай чокулап доңкулдак отурат* (Сыдыкбеков). *Доңк доңк желдирип, жүрүп отурду. Доңк-доңк этип, атынын желгени жаман экен* («Ала-Тоо»).

ДОҢКУЛДА *этиш.* Доңк-доңк этүү, тегиз эмес, уңкул-чуңкул жолдо арабанын, машинанын селкилдеп, доңк-доңк этип жүрүшү. *Ичек-бооруңду эзип доңкулдап кетип бара жатууда* (Бөкөнбаев).

ДОҢКУЛДАК *зат.* Азыгын жыгачтын кабыгынын астынан, жаракалардан чукуп таап жей турган узун ичке тумшуктуу токой кушу. *Доңкулдак кейкелеңдеп шиш тумшугун Урганда карагайдын ичин тинтип* (Аалы).

ДОҢКУЛДАТ доңкулда этишинин аркылуу мамилеси.

ДОҢУЗ *зат.* 1. Жапайы чочко; жалпы эле чочко.

2. Он эки мүчөл жыл эсебинин эң аяккы жылынын аты. *Быйыл доңуз жыл.*

◆ **Доңуз сырты** — кышкысын жылкыга мыкты тоют болуучу, тоого чыкчу чөптүн аты. *Доңуз сырты, кереч чөптөрү малга жагымдуулугу менен белгилүү* (Жантөшев). **Доңуз айбат** — куру кайрат.

ДОО *зат.* Карызды же бирөөгө кеткен акысын кайтарып алуу талабы. *Жолдош болсоң куу менен, Өмүр өтөр доо менен* (Токтогул). *Ооруу — аштан, доо — карындаштан* (макал). *Сага айта турган доом бар.*

ДООЛ I добул менен бирдей.

ДООЛ II добулбас менен бирдей. *Мылтыктын огу тарсылдап, Доолдун үнү карсылдап* («Манас»).

ДООЛА *этиш.* Доону талап кылуу, суроо. *Доосун доолайт* (Жантөшев). *Кагылайын кулунум, Кун доолап барсаң, өлөрсүң* («Семетей»).

ДООЛАТ доола этишинин аркылуу мамилеси.

ДООЛАШ доола этишинин кош мамилеси.

ДООЛБАС добулбас менен бирдей. *Кыл канжыга тээкке, Доолбасты байланып* («Эр Табылды»).

ДООЛУУ *сын.* Доосу бар, доого дуушар болгон.

ДООМАТ *зат.* Милдет, док. *Доомат кылып сүйлөгөн, Ким болосуң дайың жок* («Семетей»).

ДООР *зат.* Тарыхый өнүгүштүн белгилүү мезгили, убагы. *Коммунизм доору.*

◆ **Доор сүрүү** *к.* **сүр III.**

ДООРОН *зат. дин.* Өлгөн адамды күнөөдөн арылтуу максатында өлүктү коё электе жасалган диндик ырым-жырым жана ошол ырым-жырым үчүн берилүүчү акы. *Жабдыктын көркү жоргодо, Жаназа, доорон молдодо* (Токтогул). *Жаназа, доорон алам деп, Адамга ажал тилейсиң* (Токтогул).

◆ **Доорон сүрүү** *к.* **сүр III.**

ДООЧУ *зат.* Бирөөдө доосу бар, бир нерсени доолап арызданган, даттанган адам. *Эки доочу бир келсе, абийириңдин кеткени, эки оору бир келсе, ажалыңдын жеткени* (макал).

ДОРБО *зат. диал.* Баштык; жем баштык.

ДОРДОГОЙ *сын.* Дордойгон, дордоюп турган. *Оозу дордогой.*

ДОРДОЙ *этиш.* Эби жок калдаюу, дордогой көрүнүштө болуу. *Эриндери дордоё шишип чыкты* (Абдукаримов).

ДОРДОЙТ дордой этишинин аркылуу мамилеси.

ДОС *зат.* Жакшы мамиледеги, көңүлү жакын тилектеш адам. *Көңүлүмө жагат деп, көрүнөөнгө дос болбо* (макал). *Азамат жигит, эстүү кыз, Ар кимиң тапкын досуңду* (Токтогул). *Ачуу — душман, акыл — дос* (макал).

ДОСКА *зат.* Бети сырдалып, бор менен жазууга ылайыкталып жасалган, сабак окутуу ишинде колдонула турган жазы тактай.

ДОСТОШ *этиш.* Дос болуу, достук мамиле түзүү.

ДОСТОШТУР достош этишинин аркылуу мамилеси.

ДОСТОШУУ достош этишинин кыймыл атоочу.

ДОСТУК *зат.* Дос болуучулук, тилектештик, татуулук. *Ай-ааламга жар салып жатабыз, Достук, тынчтык кызыл туусун көтөрө* (Шүкүрбеков). *Эл достугу темирдей бек* (Шүкүрбеков).

ДӨСҮЛҮК достук менен бирдей.

ДОТАЦИЯ *зат.* Мекемелерге, ишканаларга, ар кандай уюмдарга ашык сарпталып кеткен чыгымдарын жабуу, түрлүү керектөөлөрүнө жумшоо үчүн мамлекет тарабынан берилген акча каражаты, жардам.

ДОХОД *зат.* Киреше. Мамлекеттик доход. *Колхоздун доходунун өсүшүнө байланыштуу, колхозчулардын турмушу жакшырып, алардын керектөөлөрү артып жатат* («Коммунист»).

ДОХОДДУУ *сын.* Доходу бар, доходу көп, кирешелүү.

ДОЦЕНТ *зат.* Жогорку окуу жайында окутуучунун профессордон төмөн, ассистенттен жогорку илимий наамы жана ушундай наамы бар адам.

ДӨБӨ *зат.* 1. Дөң, дөңсөө жер. *Чормон жумшаган жигит аркы дөбөгө барып, тез кайтты* (Аалы).

2. Ар кандай нерсенин ушуга окшоп үйүлгөн, жыйылган тобу. *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, Күлуп дыйкан эмгегине сүйүндү* (Бөкөнбаев).

ДӨБӨЛӨ *этиш.* Дөбө кылып үйүү, чогултуу.

ДӨБӨЛӨН дөбөлө этишинин өздүк мамилеси.

ДӨБӨЛӨӨ дөбөлө этишинин кыймыл атоочу.

ДӨБӨЛӨТ дөбөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ДӨБӨЛҮҮ *сын.* Дөбөсү бар, дөңдүү. *Төш жайыгын карасаң, Дөбөлүү тоонун жеринде* («Манас»).

ДӨБӨТ *зат.* 1. Иттин же карышкырдын эркеги. *Көк дөбөт тетиги жонго барып жаткан экен* (Убукеев). *Дөбөт карышкыр тишин көрсөтүп ыркырап койду* (Аалы).

ДӨГҮРСҮ *этиш.* Зөөкүрсүнүү, чоңсунуу. *Дөгүрсүгөн эр Коңур, Дөбөрүнөн айрылып, Канаттары кайрылып* («Манас»). *Көрүнгөнгө дөгүрсүйт Жан көзүнө чалынбай* («Манас»).

ДӨДӨЙ *зат.* Макоо, дөөпөрөс, келесоо чалыш. *Акылсыз, арсыз дөдөйлөр, Адамга сырттан баа берер* (Элебаев). *Түшүнбөй калдыңбы? Анда барып турган дөдөй экенсиң* (Жантөшев).

ДӨДӨЙЛҮК *зат.* Макоолук, дөөпөрөстүк; келесоо чалыштык. *Ал эми дөдөйлүккө чыдоого болбойт* («Ала-Тоо»).

ДӨМПӨГӨЙ *сын.* Шишимек тарткан, дөмпөйүп турган.

ДӨМПӨЙ *этиш.* Дөмпөгөй тартып көтөрүлүп туруу. *Дөмпөйүп суудан чыгып жаткан таштардын үстү менен басып өттү* (Баялинов).

ДӨМПӨЙТ дөмпөй этишинин аркылуу мамилеси.

ДӨМПӨЙҮҮ дөмпөй этишинин кыймыл атоочу.

ДӨҢ *зат.* Кичине дөбө, дөбөчө. *Дөңгө түшкөн карларды бороон учуруп, ай-аламды алай-дүлөй кылып жатты* (Баялинов). *Айыл тиги дөңдүн ары жагында эмеспи* (Жантөшев).

ДӨҢГӨК: өңгөк-дөңгөк *к.* **өңгөк. Ангектен качсаң дөңгөккө** — бир түйшүктөн экинчи бир түйшүккө дуушар болуу.

ДӨҢГӨЛӨК *зат.* Ар кандай транспортту, механизмди ж. б. кыймылга келтирип, жылдырып, жүргүзүп турууга ылайыкталган, өз огунда айлануучу тегерек деталь, атайын жасалга. *Арабанын дөңгөлөгү. Соконун дөңгөлөгү.*

ДӨҢГӨЛӨКТҮҮ *сын.* Дөңгөлөгү бар. *Анын көзүнө эки дөңгөлөктүү тартайган арабанын элеси келе калды* (Элебаев).

ДӨҢГӨЛӨН *этиш.* Тегеренүү, тегеренип, айланып жылуу.

ДӨҢГӨЛӨНТ дөңгөлөн этишинин аркылуу мамилеси.

ДӨҢГӨЛӨНҮҮ дөңгөлөн этишинин кыймыл атоочу.

ДӨҢГӨЧ *зат.* Отун жарганда же бир нерсе коюп чапканда алдына төшөлүүчү кыска жоон жыгач. *Күлбаш эшик алдында жаткан чоң дөңгөчкө барып отурду* (Абдукаримов). *Балта көтөргөнчө, дөңгөч эс алат* (макал).

ДӨҢСӨӨ *зат.* Бийигирээк, дөңүрөөк жер. *Дөңсөө жердеги калың шактуу талдар желге термелет* (Абдукаримов).

ДӨӨ *зат.* 1. Жомокто, мифте айтылуучу кадыресе кишилерге окшобогон зор, алп денелүү адам. *Силерди каптап жоо келсе, Жер майышкан дөө келсе* («Сейтек»). *Кара малдан төөсү көп, Жөн адамдан дөөсү көп* («Манас»).

2. Бою бийик, албеттүү киши.

ДӨӨДҮРӨ *этиш.* Орунсуз, дайны жок сүйлөө, келжиреп көп сүйлөө. *Самтыркандын дөөдүрөп жанагы айтканы эми Арзыкул үчүн калетсиз болду* (Байтемиров).

ДӨӨДҮРӨК *сын.* Дөөдүрөп сүйлөй берген тантырак, келжирек.

ДӨӨДҮРӨӨ дөөдүрө этишинин кыймыл атоочу.

ДӨӨДҮРӨТ дөөдүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ДӨӨЛӨТ *зат.* Байлык, мал-мүлк; бийлик, мансап. *Кетпес дөөлөт ырыскы Кирген элди карачы* (Токтогул). *Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү* (макал).

ДӨӨЛӨТТҮҮ *сын.* Байлыгы көп, оокаттуу, мансаптуу. *Ата-энелерибиз оокаттуу, дөөлөттүү* (Бейшеналиев). *Дөөлөттүү байлардын амалы куруду.*

ДӨӨМӨТ *зат.* Кезек. *Дөөмөтүм келген үчүн алдым да сууну* (Байтемиров).

ДӨӨПӨРӨС *зат.* Аңкоо чалыш киши, дөдөй. *Чегиртке кези келген учурда дөөпөрөс боло калат* (Сыдыкбеков). *Журтбек дөөпөрөстү ошончолук жек көрөт* (Бейшеналиев).

ДӨӨРҮ *этиш.* Орду жок тантыроо, келжирөө, көп сүйлөө, дайны жок сөздөрдү сүйлөө. *Барбадым деп кайныма, каймана айтып дөөрүйсүң!* (Жантөшев). *Сен жөн эле дөөрүп отурасың* («Чалкан»).

ДӨӨРҮТ дөөрү этишинин аркылуу мамилеси.

ДӨӨРҮҮ дөөрү этишинин кыймыл атоочу.

ДӨШҮ *зат.* Үстүнө металлды коюп сомдоо үчүн ылайыкталган чулу темир. *Дөшүң калды темирден, Көз ачык өттүң өмүрдөн* (Тоголок Молдо).

ДРАМА *зат.* 1. Диалог формасында жазылган, сахнада ойнолууга арналган адабий чыгарма.

2. *өт.* Бакытсыздык, оор окуя.

ДРАМАЛЫК *сын.* Драмага таандык. *Драмалык театрлардын репертуарлары.*

ДРАМАТУРГ *зат.* Драмалык чыгармаларды жаза турган жазуучу.

ДРАМАТУРГИЯ *зат.* Драмалык искусство; драмалык чыгармалардын жыйынтыгы. *«Кайгылуу Какей»—кыргыз драматургиясынын туну* («Советтик Кыргызстан»).

ДРАП *зат.* **Тыш кийим үчүн керектелүүчү калың сукно, нооту.** *Кара драп менен тыштаткан кайырма жакалуу ичик* («Советтик Кыргызстан»).

ДРУЖИНА *зат.* Кандайдыр бир максат, иш үчүн түзүлгөн ыктыярдуу катышуучулардын тобу, отряд, кошуун. *Элдик дружина. Пионер дружинасы.*

ДРУЖИННИК *зат.* Дружинанын мүчөсү, дружинага катышып жүргөн адам.

ДУБ *зат.* Эмен, эмен жыгачы.

ДУБА *зат. дин.* 1. Өлгөн адамдарга куран окуп, бата кылуу. *Алакан жайып, дуба окуп, Далайдын алган жоргосун* (Осмонкул).

2. Ар кандай максатка ылайык дем салуу ырымы.

◆ **Дубай салам** — кат аркылуу жиберилген салам, салам кат.

ДУБАКӨЙ *зат. дин.* Дубалоочу, дуба кылып, дем салуу.

ДУБАЛ *зат.* Имараттын, там үйдүн ж. б. керегеси; короо-жайдын же башка нерселердин топурактан, кирпичтен ж. б. тургузулган тосмосу.

ДУБАЛА *этиш.* Дуба окуп сыйкырлоо, сыйкырлап коюу. *Элдияр кара ташты дубалап, кара суунун түбүнө салып таштап, ал да аттанды* («Эр Табылды»).

ДУБАЛАТ дубала этишинин аркылуу мамилеси.

ДУБАЛОО дубала этишинин кыймыл атоочу.

ДУБАН *зат. тар.* Аймак, уезд, район. *Бир дубан элге даңкы чыккан. Бир дубан келсе да жетерлик оокат бар* (Байтемиров).

ДУБАНА *зат.* Эл кыдырып диндик үгүт таратуучу тилемчи, кайыр сураган адам, диний фанатик.

ДУБЛИКАТ *зат.* Кандайдыр бир документтин түп нускасындай күчү бар экинчи нускасы.

ДУГДУЙ *этиш.* Кабагын салып дулдуюу.

ДУГДУЙТ дугдуй этишинин аркылуу мамилеси.

ДУГДУҢДА *этиш.* Жумуру тарткан толук адам, ыкчамдаган, эки жакты карабай өз бетинче кыймылдоо, күжүрмөн аракетте болуу. *Какылдак дүдүңдап кетмен чапса да, күрсүлдөтүп чалгыны тартса да жайлай жандын баарын кубантты го* (Сыдыкбеков).

ДУГДУҢДОО дугдуңда этишинин кыймыл атоочу.

ДУДУК *сын.* 1. Кулагы укпаган жана сүйлөө жөндөмү жок адам.

2. *өт.* Көп сүйлөбөгөн, унчукпаган адам. *Өзүңө жакпаса эле дудук болуп, сүйлөбөй каласың* («Чалкан»).

ДУДУКТАН *этиш.* Дудукка окшоп сүйлөбөй калуу; кекечтенүү. *Бирөө да мен чыгам деп сөз айтпастан, Мостоюп карап турду дудуктанып* (Бөкөнбаев).

ДУДУКТАНУУ дудуктан этишинин кыймыл атоочу.

ДУГДУЮУ дугдуй этишинин кыймыл атоочу.

ДУКАБА тукаба менен бирдей.

ДУЛДУЙ *этиш.* Таарынган же капа болгон кейипте унчукпай коюу, сыртын салып, сөз катпоо. *Кабагын бүркөп, жаачу күндөй дулдуюп отурган* (Байтемиров). *Эргеш дулдуюп үн каткан жок* («Ала-Тоо»).

ДУЛДУЛ *зат.* 1. Тулпар, талбаган күлүк. *Жылкы эркелетет баласын кулунум деп, Минсе, чапса арыбас дулдулум деп* (Баялинов).

2. *өт.* Чарчабас, чаалыкпас, кайраттуу. *Адамдын дулдулу.*

ДУЛДУГУЙ *сын.* Дулдуйган, дулдуюп унчукпаган.

ДУМАНА дубана менен бирдей.

ДУМБАЛА *этиш.* 1. Ороп-чулгап коюу, чүмкөп жылчыксыз кылып бекитүү. *Айранды думбалап ороп кой, жука жапсаң уюбай калбасын* («Ала-Тоо»). *Палоону думбалап демдеп, самоорго чай койгону кетти* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Будамайлоо, будамайлап бүтүрө салуу, эптеп-септеп бүтүрдү аты кылуу.

ДУМБАЛОО думбала этишинин кыймыл атоочу.

ДУМУГУУ думук этишинин кыймыл атоочу.

ДУМУК *зат.* 1. Үп болуп, аба жетпей дем кысылуу.

2. *өт.* Кысылуу, муңга батуу. *Кайгырсам муңду ким угат, Айтпасам ичим думугат* («Кедейкан»).

ДУМУКТУР думук этишинин аркылуу мамилеси.

ДУРУС *сын.* Туура, ылайык; түзүк, жакшы. *Уккандар айтар дурус деп, Орундуу болсо кебимди* (Осмонкул). *Дурус сөз, иним, сенин бул айтканыңдын жөнү бар* (Жантөшев).

ДУРУСТА *этиш.* Жакшылоо. түзүктөө. *Эми материалдарды аларың менен дурустап иште* (Жантөшев). *Дурустап карачы.*

ДУРУСТОО дуруста этишинин кыймыл атоочу.

ДУТАР *зат.* Эки кылдуу, мойну узун элдик музыкалык инструмент (бул тажиктерге, түркмөндөргө, өзбектерге таралган). *Бириң — дутар, бириң — кыл, Бириңе айтсам, бириң бил* (Барпы).

ДУТАРЧЫ *зат.* Дутар чертүүчү, дутар ойноочу адам.

ДУУ *зат.* Күүлдөгөн үн, жапырт чыккан дабыш. *Отургандар дуу күлүп жиберишти* (Жантөшев).

ДУУЛА *этиш.* Шаттануу, шаттык өмүр сүрүү, жыргоо. *Жаш кезекте дуулаган Ойнумду алдың, карылык* (Тоголок Молдо). *Душманга элди кор кылбай Дуулаган күндөн айырба* (Бөкөнбаев).

ДУУЛАТ дуула этишинин аркылуу мамилеси.

ДУУЛДА *этиш.* 1. Күүлдөө, дуу-дуу эткен үн чыгаруу. *От дуулдап күйдү.*

2. Шаттануу, уу-дуу эткен шайыр абалда болуу, дүркүрөө. *Дуулдаган кол чабуулар угулду. Дуулдап ойноп-күлгөн жаштар.*

3. Ачыштыруу. *Оозунун ичи дуулдап, мөлт-мөлт жаштары тоголонду* (Сыдыкбеков).

ДУУЛДАТ дуулда этишинин аркылуу мамилеси.

ДУУЛДОО дуулда этишинин кыймыл атоочу.

ДУУШАР *зат.* Туш, кез. *Күтпөгөн жерден кырсыкка дуушар болду* (Аалы)..

Беш жылдан соң машинада баратып, Дуушар келдим ошол жердин өзүнө (Аалы).

ДУШ *зат.* 1. Куюнуу, жууну үчүн ылайыктап салган суу сепкич.

2. Гигиеналык жана дарылануу максатына ылайыкталган денеге суу себүү, куюу процедурасы.

ДУШМАН *зат.* Кастык мамиледеги адам, жоо. *Эски мите, эл душманын жоёлук* (Аалы). *Душмандын сыртында болгончо, ичинде бол* (макал).

ДУШМАНДАШ *этиш.* Касташуу, жоолашуу.

ДУШМАНДАШУУ **душмандаш** этишинин кыймыл атоочу.

ДУШМАНДЫК *зат.* Кастык, душман болгондук. *Душмандык кылдың далайга* («Манас»).

ДУШМАНЧЫЛЫК **душмандык** менен бирдей.

ДУЭЛЬ *зат.* Ыза болуудан, намыстануудан улам касташкан эки адамдын бири-бири менен алдын ала белгиленип коюлган шарттарга ылайык атышуусу.

ДУЭТ *зат.* Эки инструмент менен же эки үндө ар бири өз алдынча партия менен ырдап аткарууга ылайыкталып жазылган музыкалык чыгарма.

ДУБУР *зат.* Түрсүлдөтө басканда, жүгүргөндө чыккан дабыш. *Дүбүрү жерди ойготот, Даңканы чаңды ойнотот* (Аалы).

ДУБУРӨ *этиш.* 1. Дүбүр-дүбүр эттирүү, дүбүрттөө. *Дүбүрөгөн дабыш. Дүбүрөп жүгүрүү.*

2. Тополоң түшүү, тынчы кетүү. *Элдин баары дүбүрөйт, Эки-экиден күбүрөйт* (Токтогул). *Ырчынын баары дүбүрөп, Ээрчиптир, Токо, өзүңдү* (Тоголок Молдо).

ДУБУРӨӨ **дүбүрө** этишинин кыймыл атоочу.

ДУБУРӨТ **дүбүрө** этишинин аркылуу мамилеси.

ДУБУРТ *зат.* Дүбүрттөгөн, дүбүр-дүбүр эткен дабыш. *Басканынан чаң чыккан, Дүбүртүнөн жан чыккан* («Эр Табылды»). *Аттын дүбүртүнөн Мурат ордунан тура калды* (Баялинов).

ДУБУРТТӨ *этиш.* Дүбүрт чыгаруу, дүбүрт-дүбүрт эттирүү. *Дүбүрттөп жылкы капталды бет алды* («Ала-Тоо»).

ДҮЙНӨ *зат.* 1. Аалам, бүт жер жүзү. *Ушул түнүн шооласынан өркүндөп, Бүт дүйнөгө өчпөс эрктин таңы атты* (Турусбеков). *Бүткүл дүйнө пролетарлары.*

2. Дүнүйө. *Жаныңа жагып турабы, Элимдин дүйнө бергени* (Токтогул).

ДҮЙНӨКОР **дүнүйөкор** менен бирдей.

ДҮЙНӨЛҮК *сын.* Бүт ааламдык, бүткүл жер жүзүнө таандык. *Дүйнөлүк биринчи согуш жалындап турган кези* (Сасыкбаев). *Дүйнөлүк адабияттан кабарым бар* («САЖИ»).

ДҮЙШӨМБҮ *зат.* Жекшембинин эртеси, дем алыштан кийинки биринчи күн.

ДҮЙҮМ *сын.* Ар кандай, ар түрлүү, түрлүүчө. *Дүйүм жемиш жайнаган. Мен жорумун, жорумун, Дүйүм куштун зорумун* (Тоголок Молдо).

ДҮК: дүк-дүк *туур.* Дүкүлдөгөн дабыш. *Жүрөгүм дүк-дүк согуп турганын гана сездим* (Каралаев). *Сен, паровоз, жүрө бергин дүкө-дүк* (Турусбеков).

ДҮКӨН *зат.* 1. Кичинекей магазин. *Дүкөндөрү болсо ар кандай жер-жемиштерге, өрүк-мейиздерге толгон* («Советтик Кыргызстан»).

2. Устакана, устанын узана турган жайы.

ДҮКӨНЧҮ *зат.* Дүкөндө иштеген адам, дүкөндө товар сатуучу адам. *Ал дүкөнчүгө сүлгүлүк, дасторкондук кездемелерди өлчөттү* (Баялинов). *Дүкөнчү келин сен болсоң, Текшерүүчү мен болсом* («Чалкан»).

ДҮКӨРТ *зат.* Мурут серпүү, тырмак алуу үчүн колдонулуучу кичинекей кайчы. *Дүкөртүң бардыр жаныңда, Устараң бардыр койнуңда* («Манас»).

ДҮКҮЙ *этиш.* Барпайып, бараандуу болуп көрүнүү. *Колхоз айлы маедырап, Дүкүйүп зор бак-дарак* (Элебаев).

ДҮКҮЙТ **дүкүй** этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮКҮЙҮҮ **дүкүй** этишинин кыймыл атоочу.

ДҮКҮЛДӨ *этиш.* Дүк-дүк этүү. *Жүрөктөр дүкүлдөштү кубангандай, Жаштыктын жанып турган оту кандай* (Үмөталиев). *Береги чоң кырмандан дүкүлдөп молотилка жүрдү* (Сыдыкбеков).

ДҮЛӨЙ *сын.* 1. Кулагы укпаган, керең. *Дүлөй чал эң эле карган* (Каимов). *Дүлөй оозду карайт, сокур тыңшайт* (макал).

2. *өт.* Тыптынч, жымжырт, кулак-мурдун кескендей. *Тунжураган дүлөй түн, Тумчуктурду өзүңдү* (Маликов). *Класс ичи бир азга жым-жырт, дүлөй боло түштү* (Бейшеналиев). *Чала жан алсыраган дүлөй кыштак* (Абдыраманов).

◆ **Жер дүлөй** — ичине чаң сыяктуу нерсе толуп калган козу карындын бир түрү.

ДҮМ I **дүмбө** менен бирдей.

ДҮМ II *зат.* Каардуу түр, сүрдүүлүк. *Бет алдынан караса, Миң кишилик дүмү бар* («Мендирман»).

ДҮМБӨ *зат.* Куйрук; түп.

ДҮМБӨК *зат.* Бир нерсенин (мис., тиштин) ордунда калган түбү, дүмүрү. [*Камка*].. *боорсокту тишинин дүмбөгү менен эптеп чайнап жатты* (Сыдыкбеков).

ДҮМБҮЛ *зат.* 1. Эгиндин, мөмөнүн, ар кандай жемиштердин бышып жетиле элек учуру. *Камыш сыяктуу бийик чыккан буудай өсүмдүгү жаңыдан дүмбүл тартып саргая баштаган* (Сыдыкбеков).

2. Жүгөрүнүн даны ката элек, бирок бышырып жешке жарап калган сотосу. *Дүмбүл кайырып келип, тезектин чогуна бышыра баштадым эле* («Ала-Тоо»).

ДҮМӨК *зат.* Чуу, чатак, коогалаң. *Айланайын Айчүрөк, Башка түштү чоң дүмөк* («Семетей»). *Анда турган адамга Чоң дүмөктү салды дейт* («Эр Төштүк»).

ДҮМӨКТҮҮ *сын.* Ызы-чуулуу, чырлуу. *Түлкүсү бизден кутулса, Дүмөктүү болуп кайтабыз* («Манас»). *Дүмөктүү кабар.*

ДҮМП *туур.* Бир нерсенин үстүнө катуу түшкөндө, көндөй жерди басканда, ургулаганда чыккан күңүрт дабыш.

ДҮМПҮЙ *этиш.* Дөмпөйүп, жондонуп көрүнүү; карааңдуу көрүнүштө болуу. *Талаа тараптан капкара топ болуп, теректер дүмпүйүп чыгып турат* («Ала-Тоо»). *Дүмпүйгөн чоң үймөк.*

ДҮМПҮЙТ дүмпүй этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮМПҮЙҮҮ дүмпүй этишинин кыймыл атоочу.

ДҮМПҮЛДӨ *этиш.* Дүмп эткен дабыш чыгаруу, дүмп-дүмп этүү. *Тамдын үстү эртеден бери эле дүмпүлдөйт, карачы, балам* («Ала-Тоо»).

ДҮМПҮЛДӨК *зат.* Эки тарапка бөлүнүп, бири жамынчынын астында жатып, экинчиси аларды чаап, кайтарчуга карматпоого аракеттенип качып ойноо турган оюн. *Биз бала кезде дүмпүлдөктү көп ойночубуз* (Сыдыкбеков). *Кечинде балдар болуп, ак чөлмөк ыргытып, дүмпүлдөк сыяктуу түрдүү уюнт оюндарды ойношту*(«Жаш ленинчи»).

ДҮМПҮЛДӨӨ дүмпүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮМПҮЛДӨТ дүмпүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮМҮР *зат.* Кесилген даректын же башка бир нерсенин ордунда калган тамырлуу түбү. *Дүмүр каздырганы турасыңбы,— деди эсепчи Оморбекке* (Баялинов). *Токойдон каздым дүмүрду* (Токтогул). *Тиштин дүмүрү.*

ДҮМҮРӨЙ *этиш.* 1. Дүмүрдөй болуп көрүнүү, дүмүргө окшоп туруу.

2. Дүмпүйүп, карааңдуу болуп көрүнүү. *Дүмүрөйгөн көп караан Токойбу десем, эл экен* («Манас»). *Тетиги дүмүрөйүп көрүнгөн белди эмне дейт? — деди Мурат* (Байтемиров).

ДҮМҮРӨЙТ дүмүрөй этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮМҮРӨЙҮҮ дүмүрөй этишинин кыймыл атоочу.

ДҮМҮРӨҢДӨ *этиш.* Эч нерсеге алагды болбой эле, баш көтөрбөй кыймыл-аракет кылуу, иштөө. *Өзүнчө эле дүмүрөңдөп иштеп жаткан бала* (Таштемиров). *Күжүрмөн шахтёрлор дүмүрөңдөп иштей берди* (Сасыкбаев).

ДҮМҮРЧӨК *зат.* Бир нерсенин дүмүрөйгөн тамыры, кичинекей дүмүрү.

ДҮНҮЙӨ *зат.* 1. Мүлк, үй тиричилигиндеги бардык байлык. *Дүнүйөгө кызыгып, Ниетим менин бузулба* («Мендирман»). *Дүйүм тамак бар болуп, Дүнүйөсү жайнаган* («Эр Төштүк»).

2. Дүйнө, дүйнө жүзү. *Дүнүйө эмгекчилери бириккин деп ун салган* (Тоголок Молдо).

ДҮНҮЙӨКОР *сын.* Дүнүйөнү жакшы көргөн, дүнүйөгө, байлыкка көзү тойбогон, зыкым. *Кишинин дүнүйөкору эле өзүңсүң го? Дүнүйөкор болгондо да сендейчелик адам чанда чыгар* («Ала-Тоо»).

ДҮҢ I *зат.* Атак, даңк, белгилүүлүк, атагы чыккандык. *Өрүшү жайык миң болду, Өз элине дүң болду* (Мидин). *Кедейкандын кандыгы Бардык элге дүң болду* («Кедейкан»).

ДҮҢ II *зат.* Жалпы, чогуу. *Дүң продукция. Дүң соода. Маселени дүңүнөн чечүү.*

ДҮҢ III *туур.* Дүңк эткен дабыш.

ДҮҢГҮР: дүңгүр-дүңгүр *туур.* Көндөй нерсенин же кууш капчыгайдын ичинен чыккан анча катуу эмес күңүрт дабыш, үн. *Дүңгүр-дүңгүр барабандар кагылды* («САЖИ»).

ДҮҢГҮРӨ *этиш.* Дүңгүр-дүңгүр эткен дабыш чыгаруу, дүңгүр-дүңгүр этүү. *Тоо көчүп жер жаңырып дүңгүрөдү* (Умөталиев). *Өзүнөн өзү күңгүрөп, Күңгүрөгөн үнүнөн Ой-тоонун баары дүңгүрөп* («Семетей»).

ДҮҢГҮРӨӨ дүңгүрө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮҢГҮРӨТ дүңгүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮҢК *туур.* Ачык эмес, туюк чыккан катуу дабыш. *Күтпөгөн жерден дүңк эткен дабыш чыкты* («Советтик Кыргызстан»). *Замбирек дүңк эттире жүрөк түшүрө атылды* («Ала-Тоо»).

ДҮҢКҮЙ *этиш.* Жонун чыгарып, дөңкөйгөн чоң, албеттүү көрүнүштө болуу. *Дүңкүйгөн чоң кара неме зөөкүрлөнүп сөгүнө баштады* («Чалкан»).

ДҮҢКҮЙТ дүңкүй этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮҢКҮЙҮҮ дүңкүй этишинин кыймыл атоочу.

ДҮҢКҮЛДӨ *этиш.* 1. Дүңк-дүңк этүү, дүңк эткен катуу үн чыгаруу. *Сүйлөсө үнү дүңкүлдөп* («Эр Табылды»).

2. *өт.* Атагы, аты чыгуу, элге белгилүү болуу. *Ала-Тоо асыл тукум үйларынын атагы дүңкүлдөп алда кайда тарады го* (Баялинов).

ДҮП *туур.* Кыска, туюк чыккан дабыш. *Чоюнкулак алп дуп-дуп баскан сайын жер оюлуп турчу экен* (Сыдыкбеков).

ДҮПҮЛДӨ *этиш.* Дүп-дүп этүү, дүп-дүп эткен дабыш салуу. *Очогор үнү дүпүлдөп, Сыр бараң үнү күпүлдөп* («Манас»). *Каарданып дүпүлдөп, Кабарып төрөң турганда* («Манас»).

ДҮПҮЛДӨӨ дүпүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮПҮЛДӨТ дүпүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮР I: дүр-дүнүйө — ар түркүн, ар кандай; толуп жаткан, аябай көп. *Дүр-дүнүйө, миң-сан байлык өрүштө* («Ала-Тоо»). *Дүр-дүнүйө тамакты жайнатып салды.*

ДҮР II *туур.* 1. От тез тутанганда, мотор кыймылга келгенде ж. б. чыккан дабыш. *От дүр дей түштү. Машинанын үнү дүр-дүр этип калды.*

2. Дүүлүгүү, бүткөн бойду дүүлүктүргөн сезим болуу. *Дүр этти бүткөн боюм, учуп түрдүм, Булкулдап жүрөк согот, айтпа, курбум* (Турусбеков).

ДҮРБӨ *этиш.* Тополоң түшүү, опуртопур болуу, топуроо; чакчелекей түшүү,

шашуу. *Эмне шумдук болду дегенсип, айыл дүрбөп калды* (Каимов). *Калың эл дүрбөй атпанып, Кызыл жарга бет алып* («Эр Табылды»). *Аңгычакты эл дүрбөп, Үйдүн ичин толтурду* (Жантөшев).

ДҮРБӨЛӨҢ *зат.* Тополоң, опур-топур, тынчы кетип козголуу. *Кыштакка катуу дүрбөлөң түштү* (Убукеев). *Көкбөрү тарткан эмедей, Көлдүн үстү дүрбөлөң* (Үмөталиев). *Элге дүрбөлөң салган Бурма* (Сыдыкбеков).

ДҮРБӨЛӨҢДӨ *этиш.* Дүрбөлөңгө түшүү, козголуу, опур-топур болуу.

ДҮРБӨЛӨҢДӨӨ дүрбөлөңдө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮРБӨЛӨҢДӨТ дүрбөлөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮРБӨЛӨҢДҮҮ *сын.* Тополоңдуу, дүрбөлөң түшкөн, дүрбөлөңгө дуушар болгон. *Айдайдын дүрбөлөңдүү каты бул экөөн да шаштырды* (Каимов). *Айлана бүгүн чуулуу, дүрбөлөңдүү* («САЖИ).

ДҮРБӨӨ дүрбө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮРБӨТ дүрбө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮРБҮ I *зат.* Алысты жакын кылып көрсөтүүчү оптикалык прибор. *Алар дүрбүлөрүн көздөн албай, жакынды да, алысты да карашат* (Жантөшев). *Айырбай көздөн дүрбүнү, Абайлап Жапар тиктеди* (Бөкөнбаев).

ДҮРБҮ II дүрбө менен бирдей.

ДҮРКҮРӨ *этиш.* 1. Дүрүлдөө, дүрдүр этүү.

2. Бүткөн бойду дүүлүктүргөн, дүр эттирген сезим болуу, дүр дей түшүү. *Замбиректер атылгандай, Бүткүл дене дүркүрөйт* (Аалы). *Анын денеси.. дүркүрөп кетти* (Аалы).

3. Гүлдөө, жайнап өсүү, тез өсүп-өнүү. *Дүркүрөп өскөн биздин эл* (Осмонкул). *Чарбасы өсүп дүркүрөп, Тууган малдын төлү аман* (Тоголок Молдо). *Мойнун созуп гүлдөр өстү дүркүрөп* (Осмонкул).

ДҮРМӨТ *зат.* Атууга даярдалып, Мылтыкка, замбирекке ж. б. салынган снаряд, патрон. *Кайра дүрмөт салгыча, Мылтыкты бетке алгыча* («Эр Табылды»).

◆ **Кур дүрмөт** — 1) огу жок, дары гана салынган дүрмөт. *Алыбек кур дүрмөт менен заңгырата бир атып койду* (Жантөшев); 2) куру кайрат опузалоо.

ДҮРМӨТТӨ *этиш.* Дүрмөт салуу, октоо. *Мылтык дүрмөттөп алуу.*

ДҮРМӨТТӨЛ дүрмөттө этишинин туюк мамилеси.

ДҮРМӨТТӨӨ дүрмөттө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮРМӨТТӨТ дүрмөттө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮРМӨТТҮҮ *сын.* Октолгон, дүрмөтү бар.

ДҮРТ *туур.* Дүр этип тез тутанып кетүү, от алып кетүү.

ДҮРТҮЛДӨ *этиш.* Дүрт-дүрт этүү, дүрт-дүрт өткен дабыш чыгаруу.

ДҮРТҮЛДӨӨ дүртүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ДҮРТҮЛДӨТ дүртүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ДҮРҮЙӨ дарайы менен бирдей. *Көк дүрүйө көйнөгү Сан-сан болуп бөлүнүп, Көзүнөн жашы төгүлүп* («Эр Төштүк»).

ДҮРҮЛДӨ дүркүрө менен бирдей.

ДҮРҮЛДӨӨ дүүлүк этишинин кыймыл атоочу.

ДҮҮЛҮГҮҮ дүүлүк этишинин кыймыл атоочу.

ДҮҮЛҮК *этиш.* 1. Ар кандай таасирлер менен денени козгоо, козголткон, дуулдаткан сезим пайда болуу. *Бүткөн бою дүүлүгүп, жүрөгү алып учат* (Жантөшев).

2. Алеп-желеп болуу, күүлөнүү, күчөнүү. *Эл дүүлүксө, деңиз каптагандан кыйын го* (Байтемиров).

ДҮҮЛҮКТҮР дүүлүк этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫБЫР *туур.* Жерге же башка нерсенин бетине себилүүдөн, чубуруп төгүлүүдөн чыккан дабыш. *Жамгыр дыбырдыбыр этип, жаңыдан жаай баштаганда үйдөн чыктык* («Ала-Тоо»).

ДЫБЫРА *этиш.* 1. Дыбыр-дыбыр этүү. *Жер бетине жашыл баркыт жайылып, Көктөн жамгыр тамчылаган дыбырап* (Осмонкул).

ДЫБЫРАТ дыбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫБЫРОО дыбыра этишинин кыймыл атоочу.

ДЫЙКАН *зат.* Эгин, бакча ж. б. өстүрүп асыроочу, дыйканчылык кесибиндеги адам. *Дыйкандын көркү жер менен* (Токтогул). *Күжүрмөн күчтүү дыйканга Жүрүп турган кош жакшы* (Жантөшев).

◆ **Орто дыйкан** — менчигинде бир аз жери бар, киши күчүнөн пайдаланбаган, чарбасы, мүлкү жагынан кедей дыйкан менен кулактын ортосундагы абалда болгон дыйкан. **Баба дыйкан** *к.* **баба. Акылга дыйкан** — акылга бай, даанышман. *Атка чапчу бала элең, Акылга дыйкан жан элең* («Семетей»). *Өзү токтоо, акылга дыйкан адам* (Сыдыкбеков).

ДЫЙКАНЧЫЛЫК *зат.* Айыл чарба өсүмдүктөрүн эгүүчүлүк, жерди иштетүүчүлүк. *Дыйканчылык көп болсо, Жердин гүлү ачылат* (Токтогул). *Дыйканчылык кылып жүрүшөт* (Жантөшев).

ДЫК *зат.* 1. Кордук, азап, запкы. *Дык көрдүм канча Коңурдан, Дидары курсун Эсенкан* («Манас»). *Жүрөгүнө дык болду.*

2. Сүрүү, жээк салуу. *Таң дык салды.*

ДЫКАН тыкан менен бирдей.

ДЫЛДЫРА *этиш.* Жүүнү бошоо, алсыроо. *Келинчеги уйку-соонун арасында дылдырайт* (Сыдыкбеков).

ДЫЛДЫРАК *сын.* Жүүнү бош, алсыраган.

ДЫМ *зат.* Үнсүз, дабышсыз; жымжырт. *Эрме чөл.. айлана дым сымак* (Абдраимов). *Күүгүм кире, күн бата, Элдин алды дым жата* («Манас»).

ДЫМАК *зат.* Көңүл, көөдөн; чама, кубат. *Жүгү үйда болсо да, дымагы төөдө.*

ДЫМАКТУУ *сын.* Дымагы бар, көңүлү көтөрүңкү, көөдөнүн көтөргөн. *Дымактуу ырчы, эптүү боз уландар жаактарын жа-*

нышат (Сыдыкбеков). *Мен деле жаңыдан келгенде сенчилеп дымактуу элем* («Ала-Тоо»).

ДЫМУУ дымы этишинин кыймыл атоочу.

ДЫМЫ *этиш.* 1. Тыптынч болуп туруу. *Былк этпей дымып калды күздүн жели* (Абдыраманов).

2. Үнчукпоо. *Сыр бербей, өң өзгөртпөй ичтен дымып, Бул үчүн сый алам деп көңүлү жылып* (Осмонов).

ДЫМЫК *этиш.* Думугуу, думуктурган абалга келүү, нымданышкан абалга келүү. *Алды тоң бойдон жаткан чопо бир аз булоолонуп дымыгат* (Сасыкбаев).

ДЫМЫТ дымы этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫҢ I *зат.* Мурда айдалбаган, кур жер. *Тракторум күчкө кел, Дыңды бузуп тиле бер* (Турусбеков). *Дың жерлерди гүлдөтүүгө баруугa Алтай, Сибирь, Казакстан жерине* (Осмонкул).

◆ **Дың сууган убак** — кеч күз.

ДЫҢ II *тыюр.* 1. Аарынын, чымынчиркейлердин дабышы; назик, ичке же жука металлдан ж. б. чыккан дабыш.

2. Жалпы эле сөз, кеп. *Айтканына көнөлү, Ыгына дың дебестен кирели* («Манас»). *Кудай кулум десе, Мухаммед дың дебейт* (макал).

ДЫҢЫЛДА *этиш.* 1. Дың-дың эткен дабыш чыгаруу. *Аарылар дыңылдайт. Зым карагай ырдагандай дыңылдайт* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Тыңуу, сергек болуп оңолуу.

ДЫР I: дыр-дыр этүү — дыркыраган, дырылдаган дабыш, үн чыгаруу.

ДЫР II: дыр коюу *же* **дыр берүү** — тез, жапырт чуркоо, үркүү, зымыроо. *Адыраңдап дыр коюп, Аркар, кулжа бөлүнүп* (Каралаев).

ДЫРГАЯК: дыргаяк салуу *же* **дыргаяк тээп кетүү** — катуу чуркоо, адыраңдап, оюн салып жүгүрүү; төмөн карай күү менен сыйгалануу, жылбышуу, күү менен түшүү.

ДЫРГАЯКТА *этиш.* Дыргаяк салып тез жүгүрүү, жылбышуу, катуу сыйгаланып түшүү. *Омор кунаажындарды.. дыргаяктатып, Күлжан көрсөткөн жылгаңы көздөй кубалап жөнөдү* (Байтемиров).

ДЫРГАЯКТАТ дыргаякта этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫРГАЯКТОО дыргаякта этишинин кыймыл атоочу.

ДЫРГЫ *этиш.* Дыр коюу, үркүү. *Бир аздан кийин короодогу койлор дыргый түштү* (Каимов).

ДЫРДАЙ *сын.* Жылаңач, энеден туума, үстүнө кийген, жамынган эчтемеси жок. *Кийимин дырдай чечтирип, жылаңачтап салышты* (Тоголок Молдо). *Дырдай жылаңач.*

ДЫРДЫЙ *этиш.* 1. Көөп чыңалуу (мис., ич).

2. *өт.* Мансапка, дөөлөткө чиренип дердейүү, көөп кетүү.

ДЫРДЫЙТ дырдый этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫРДЫЮУ дырдый этишинин кыймыл атоочу.

ДЫРҚЫРА *этиш.* 1. Дыр-дыр эткен дабыш, үн чыгаруу, дырылдоо. *Трактор дыркырады. Шамал дыркырап сокту.*

2. Катуу жүгүрүү, дыр коюу. *Жан соогалап канчасы, Качып жүрөт дыркырап* («Манас»).

ДЫРҚЫРАТ дыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ДЫРҚЫРОО дыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ДЫРЫЛДА *этиш.* 1. Дыр-дыр этүү, дыркыраган үн чыгаруу. *Бир кезде радио дырылдап, шуулдап калды* (Баялинов). *Асманда самолёттор дырылдашат* (Үмөталиев). *Токтой калып ойт берип, Ийнелик жүрөт дырылдап* (Жантөшев).

2. *өт.* Жаман-жакшы айтышып урушуу, кажылдоо, чатак чыгаруу. *Түркүн чал көгөндөй дырылдап, Орунтайдын кулагынын кужурун күнүгө ала баштады* (Бейшеналиев).

ДЫРЫЛДОО дырылда этишинин кыймыл атоочу.

ДЫРЫЛДАТ дырылда этишинин аркылуу мамилеси.

ДЭЭР *зат.* Акыл, эс, зээн. *Дээринде бар адамга сөз жок экен* («Ата-Тоо»). *Дээринде бар бала. Деги дээринде бар аял экен, чөп чапканды бат эле үйрөнүп алды* (Баялинов).

ДЭЭРДҮҮ *сын.* Акыл-эстүү, зээндүү.

ДЭЭРЛИК *сын.* 1. Деп айтарлык, деп айтышка болорлук. *Отрядгагылар бүт дээрлик топтолуп калыптыр* (Таштемиров). *Төл чыгашага учураган эмес дээрлик.*

2. Ар дайым, такай. *Дээрлик болуп туруучу окуялар. Дээрлик келип-кетип туруу.*

ДЮЙМ *зат.* Эни 2,54 *см* келген узундук чен.

Е

ЕГЕРЬ *зат.* Аңчылык иштерин тейлөөчү жана ал жөнүндөгү закондордун туура аткарылышына көз салуучу профессионал-мергенчи.

ЕГИПТОЛОГ *зат.* Египтология боюнча адистешкен окумуштуу.

ЕГИПТОЛОГИЯ *зат.* Байыркы Египеттин тарыхын, экономикасын, маданиятын, андагы тилдерди ж. б. изилдөөчү илимдердин жалпы жыйындысы.

ЕДИНИЦА *зат.* Бир түрлүү чоңдуктарды өлчөө, өлчөмүн билдирүү үчүн колдонулуучу чоңдук, бирдик. *Акча единицасы. Салмактык единицасы.*

ЕЛКА *зат.* Жаңы жыл майрамына карата түрлүү оюнчуктар, лампочкалар ж. б. менен кооздолуп, орнотулган балаты.

ЕНОТ *зат.* Жыгачка тырмышып чыгууга жакшы жөндөмдүү, саргыч күрөң түстөгү

кичинекей жырткыч жана анын жүнү калын, кийимге жака кылууга пайдаланылуучу териси.

ЕПИСКОП *зат.* Христиан чиркөөсүндөгү жогорку диндик наам жана ушундай наамы бар адам.

ЕФРЕЙТОР *зат.* Катардагы солдатка берилүүчү биринчи аскердик наам жана ушундай наамы бар солдат.

Ж

ЖАА I *зат.* Дого сыяктуу ийилип, эки башы эшилген кайыш же бышык чыйратылган жип менен кере тартылып, жебе менен атууга ылайыкталган курал. *Жаа тартууга ыктуусуң, Төштүк, Мергендик жакка шыктуусуң, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Кара чыйырчык көрсөңөр, Атпагыла жаа менен* (Осмонов).

◆ **Жаа бербөө** же **ээ-жаа бербөө** *к.* **ээ II. Жаасы катуу** — талабы катуу, катуу кармаган, аркы-беркиге көнбөгөн, катаал. *Жеңемдин жаасы катуу* (Байтемиров). *Экөөнүн жаасынын катуулугуна карабастан, Тенти башын чайкады* (Бейшеналиев).

ЖАА II жаачы II менен бирдей.

ЖАА III *этиш.* 1. Жамгыр, кар, мөндүр түшүү, куюлуу. *Күүгүм кире күн дыбырап жаап кирди* (Байтемиров). *Сонор кууган аңчыга, Кыламык жааган кар жакшы* («Мендирман»).

2. Үзгүлтүксүз себиле берүү, түшүп туруу (мис., ок). *Ок мөндүрдөй жаады.*

3. Үстөкө-бостон, үстү-үстүнө айтыла берүү, көп суроо берилүү. *Олтургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* (Жантөшев). *Суроо жамгырдай жаады.*

ЖААДЫР жаа этишинин аркылуу мамилеси.

ЖААДЫРУУ жаадыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖААК I *зат.* 1. Адамдын же айбандардын тиштери орногон астыңкы жана үстүңкү бет сөөктөрү. *Үстүңкү жаак. Астыңкы жаак. Чап жаак.*

2. Бир нерсени тиштетүү, кесүү ж. б. үчүн колдонулуучу куралдардын эки жак бөлүгү. *Капкандын жаагы. Кайчынын жаагы. Жаагы катуу аттиш.*

◆ **Жаак басар** —1) өзөк жалгагыдай аз тамак; 2) талапты бир аз канааттандыргыдай аз нерсе. **Жаагын айыруу** — бир нерсени абдан тойгуча жеп, ичүү; абдан жакшы билүү же аткаруу. *Кымыздын жаагын айырдык. Ал ырдын жаагын айрыйт* (Сыдыкбеков). **Кара жаак** — тилдүү, көп сүйлөгөн. *Кайда алпарып таштадың Кара жаак апаңды?!* (Осмонкул). **Жаагы жап болуу** — унчуга албай, сүйлөй албай калуу. *Сабаттын жаагы жап болду* (Сасыкбаев). **Жаагыңа таш!** — жамандык, жок балакет жөнүндө айтып жиберген кишиге карата «андай дебе», «антпе» деген мааниде чочуп кетип же кагуу иретинде айтылуучу сөз. — *Ой, жаагыңа таш! Кара жолтой! — деп тилдеген* (Сасыкбаев). **Жаактан башты айыргандай кылуу** — жакын адамдарынан ажыратып коюу, ыркын бузуу, арасын ажыратып салуу.

ЖААК II жаат менен бирдей.

ЖААКТАШ *этиш.* Айтышуу, каяшакайым айтышуу. *Мен мунун менен жаакташып отура албаймын* («Ала-Тоо»). *Жалгыз өгүз кош болбойт, жаакташкан дос болбойт* (макал).

ЖААКТАШТЫР жаакташ этишинин аркылуу мамилеси.

ЖААКТАШУУ жаакташ этишинин кыймыл атоочу.

ЖААКТУУ *сын.* 1. Жаагы узун. *Чаргын буту-колу тартайып узун, бети жайык, жаактуу жигит* (Сыдыкбеков).

2. Жаагы бар (курал жөнүндө). *Жардамчы уста колундагы жаактуу кычкач менен чоктогу чулу темирди бек кыпчып, кызартып дөшүгө койду* (Сыдыкбеков).

3. Тилдүү, сүйлөөк. *Бир топ жаактуу келин боло турган* (Сыдыкбеков).

◆ **Жаактууга жай бербөө** — эч кимге сөз бербөө, сөзгө алдырбоо, жеңүү. *Жаактууга жай бербейт, Жайдак атка баш бербейт* (Осмонкул). **Жаактууда жок** — мыкты ырчы, жеткен чечен, сөзмөр.

ЖААЛ *зат.* Ачуу, каар. *Алымкулдун жаалы келе түштү* (Абдукаримов). *Жаалы келип толгонуп, Жалгыздыгын ойлонуп* («Эр Табылды»).

ЖААЛА *этиш.* Баары бир жак, бир пикирде болуп, жалгыз кишинин оюна койбоо, айласын кетирүү. — *Уят кылбайбыз. Шайлап койдук. Боло бер! — деп тушмуштан жаалап кетишти* (Убукеев). *Отургандар жаалап коё беришти* («Советтик Кыргызстан»). *Араң турган келиндер [Акияны] туш-тушмуштан жаалады* (Сыдыкбеков).

ЖААЛАШ жаала этишинин кош мамилеси.

ЖААЛДА *этиш.* Каарануу, ачууланууу. *Жаалдаган Макел Дөө, «Коңурбайың кайсы» деп, Колуна айгай салганы* («Манас»).

ЖААЛДАН жаалда этишинин өздүк мамилеси.

ЖААЛДАНУУ жаалдан этишинин кыймыл атоочу.

ЖААЛДУУ *сын.* Ачуулуу, каардуу. *Жаалдуу суук кыш келди* (Осмонкул).

ЖААЛДОО жаалда этишинин кыймыл атоочу.

ЖААМАТ жамаат менен бирдей.

ЖААН I *зат.* Тамчы түрүндө асмандан түшө турган суу, жамгыр. *Тебетейи жаанга суу болду* (Сыдыкбеков).

◆ **Ак жаан** *к.* **ак I. Жаан-чачын** — жамгыр, кар түрүндө жер бетине түшүүчү

атмосфералык ным. *Келе жаткан жумада жаан-чачын көп болчудан* («Ала-Тоо»).

ЖААН II *зат. эс.* Дүйнө, аалам, жер жүзү. *Жакыр да болсом мен өзүм, Жаандан чыккан жоргомун* (Токтогул). *Жаанды кесип кыдырып Жүргөнүмдү эстесем, Жүрөккө кайгы таралат* (Барпы).

ЖААНДУУ *сын.* Жамгырдуу, жаан жаап турган. [*Динар*].. *өзүн жаандуу түндө капчыгайда жалгыз калгандай сезди* (Сыдыкбеков).

ЖААННАМ тозок менен бирдей.

ЖААНЧЫЛ *сын.* Жамгыр көп жааган, жаан-чачыны көп. *Жаанчыл болгон жылы сугарбаса да, ал жерге ак эгин оңколоп калат* (Байтемиров).

ЖААТ *зат.* 1. Бири-бирине каршы топ, бири-бирине каршы тарап; мелдеште, оюнда ж. б. өз ара бөлүнгөн тарап. *Көрдүк бейм баштан өткөрүп, Кесирдүү жаат урушун* (Тоголок Молдо). *Эки жаатка бөлүнүп ордо атышуу.*

2. Жак. *Шаарыңарда тамак жааты жакшы экен* («Чалкан»).

◆ **Жек-жаат** — кыз беришип, кыз алышкан куда-сөөктүн жакындары. *Кошой менен жек-жаат болуп калышы — Калтабайдын күтпөгөн таалайы* (Аалы). *Жек-жаат болуп сыйлашып, Кадырды бекем сактасак* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖААТТАШ I *сын.* Бир жааттан, жааты бир. *Өзүнө жаатташ кишилерди жыйып түйлөштү.*

ЖААТТАШ II *этиш.* Жаатка бөлүнүү, жаат-жаат болуу, жаат болуп каршылашуу. *Жаатташып бир-бирин Жекелешет балалык* (Токтогул). *Жаатташып урушуп, Аягында соттошуп* (Маликов).

ЖААТТАШТЫР жаатташ этишинин аркылуу мамилеси.

ЖААТТАШУУ жаатташ этишинин кыймыл атоочу.

ЖААТЧЫЛ *сын.* Чыр-чатакты жакшы көргөн, элди жаатка бөлүп, алардын бир тарабынын таламын жактаган. *Кайраштырып сөз айтып, Жаатчыл кылды элимди* (Токтогул).

ЖААТЧЫЛДЫК *зат.* Жаатташканды жакшы көргөндүк, жаатташып кармашкандык.

ЖААТЧЫЛЫК *зат.* Жаатка бөлүнгөндүк, бир-бирине каршы турган эки тараптын өз ара күрөшү.

ЖААЧЫ I *зат.* Жаа тартуучу киши. *Жазбай аткан жаачыдан, Өрттөн кайра тартпастан, Жоо дегенде барчудан* («Эр Төштүк»).

ЖААЧЫ II *зат.* Буттары тартайган, жыланды көзгө чапчып алма чоң чегиртке түспөлүндөгү жандык. *Жаачы баатыр түк коркпос, Көк айбанга саал окшош Боорукерлик жайы бар Карлыгачка жан жолдош* (Осмонов).

ЖАБАГЫ I *зат.* Беш-алты айлык кулун (жазда туулуп, күзгө жеткен маалындагы кулун). *Жабагысы тай болду, Жалпы журту бай болду* («Мендирман»). *Жабагыны ат болбойт деп кордобо* (макал).

ЖАБАГЫ II *зат.* Койдун жазгы жүнү, даакы жүн.

ЖАБАЛАКТА *этиш.* Өтө көп болуп жайылуу, абдан көп болуп, жайылып кетүү. *Көпчүлүк жабалактап иштөөдө* (Сыдыкбеков). *Олтургандар жабалактап эшикке чыгышты* (Аалы).

ЖАБАЛАКТАТ жабалакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБАЛАКТОО жабалакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБДУУ жабды этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБДЫ *этиш.* 1. Зарыл болгон нерселер менен камсыз кылуу. [*Мектепте*].. *жакшы жабдылган физикалык, биологиялык кабинеттер жана мастерской бар* («Жаш ленинчи»). *Шаарды картошка менен адистештирилген совхоздор жабдый алышат* («Советтик Кыргызстан»).

2. Жасалгалоо, кооздоо. *Барпы .. үйүн анчалык деле жабдыган эмес* (Байтемиров).

ЖАБДЫК *зат.* Ар кандай жарак, курал, шаймандар. *Жабдык алып бирдик менен, Эмгекчинин камы үчүн, Пролетариат өлкөбүздү Тап душмандан сактаган* (Осмонкул). *Бригадалар жабдыктарын көтөрүп жумушка бет алышты* (Сыдыкбеков).

◆ **Ат жабдыктары** — ат жасалгалары (ээр-токум жүгөн, куюшкан ж. б.). *Шарактап күмүш жабдык Минген жорго* (Аалы). *Жабдыктын көркү жоргодо* (Токтогул).

ЖАБДЫКТА *этиш.* Куралдандыруу, курал-жабдыктар менен жабдуу, жасалгалоо (мис., атты).

ЖАБДЫКТАН жабдыкта этишинин өздүк мамилеси.

ЖАБДЫКТОО жабдыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБДЫКТУУ *сын.* 1. Куралдуу, колунда куралы бар. *Жабдыктуу киши.*

2. Жасалгалуу, колунда курал, шаймаңы бар. *Жабдыктуу күлүк кула атын, Солтобай мырзам минесиң* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖАБУУ I *зат.* Бир нерсени көрсөтпөө үчүн же ысыктан, сууктан сакташ үчүн, жаан-чачын тийгизбес үчүн же кооздук үчүн үстүн жаап коюуга арналган буюм, жапкыч. *Жүк жабуу. Түндүк жабуу. Чалкуйрукка ылайык, Артык жабуу жасадым* («Эр Төштүк»).

◆ **Жабылуу аяк жабуусу менен калсын** — эч ким билбесин, эл укпасын, билинбеген бойдон калсын. **Жашырып-жабуу** — кандайдыр бир сырды башкаларга билгизбөөгө аракет кылуу. *Жашырып-жабуунун кереги жок* («САЖИ»).

ЖАБУУ II жап этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБУУЛА *этиш.* Бир нерсенин үстүнө жабуу салуу; үстүнө жабуу салып жасалгалоо. *Жабуулап күлүк байлашкан, Жигити баатыр кайратман* (Осмонкул). [*Аттын*].. *ээрин алып, жабуулап отко коюп кой!* (Жантөшев).

ЖАБЫГУУ жабык этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБУУЛАТ жабуула этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБУУЛОО жабуула этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБУУЛУУ *сын.* Жабуусу бар, жабуу жабылган. *Жабууллуу ат.*

ЖАБЫК I *зат.* Боз үйдүн туурдугу менен үзүгүнүн кошулган (катташкан) жери. *Жабык бою кар жааса, Жаш куурай башын көтөрбөйт. Жабыктардан шыкаалашып карашат* (Үмөталиев).

◆ **Жабык баш** — боз үйдүн ички жасалгасынын бир бөлүгү. *Боз үйдүн жабык башын.. тукаба менен ойдурган* (Бөкөнбаев). *Үзүк менен жабык баш, Баарысын кыял ойдурган* (Тоголок Молдо).

ЖАБЫК II *сын.* 1. Бекитилген, жабылган, бир нерсе менен бүркөлгөн, чымбөттөлгөн. [*Кебек*].. *барганда Сасыкбайдын эшиги жабык болучу* (Байтемиров). *Жашылчаны үстү жабык жерде өстүрө турган Буланова эң мыкты натыйжаларга жетишти* («Советтик Кыргызстан»).

2. Туюкталган, мүмкүндүк берилбеген, тоскоолдугу бар. [*Илгери*].. *искусствого кириш үчүн аялдарга жол жабык болгон* («Советтик Кыргызстан»).

3. Сырткары кишилер катышпаган, тар чөйрөдө өткөрүлгөн, ачык эмес. *Жабык заседание.*

ЖАБЫК III *этиш.* Жүдөө, өңүнөн азуу, арыктоо, жабыркоо. *Жабыгып жүргөн жигитти Жакырсың деп кордобо* (Токтогул).

ЖАБЫКТЫР жабык этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫЛ 1. жап этишинин өздүк мамилеси.

2. Бир ишке же бир багытка жапырт бет алуу, жапырт кирүү. *Жылкычылар жылкы үркөвжакка жалбыла чабышты* (Жантөшев). *Баарың, баарың Жабылгыла пахтага* (Турусбеков).

3. Каптоо, жайылуу. *Кычандын жүзүнө кызыл нур жабылды* (Бейшеналиев). *Кызыл кан бойго жабылып, Көргөндөр эстен жаңылып* («Манас»).

◆ **Жан-жабыла** — бардыгы, бүт бойдон. *Жол менен бара жаткан жолоочуга Айылдан ит үргөндөй жан-жабыла* (Үмөталиев).

ЖАБЫЛТ жабыл этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫЛУУ жабыл этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБЫР *зат.* Зордук-зомбулук, кордук, кысымчылык. *Жабыр көрдү канча жыл* (Тоголок Молдо). *Өзгөчө айыл жаңырган, Кутулуп эски жабырдан* (Турусбеков).

ЖАБЫРА *этиш.* 1. Бабырап көп сүйлөө, жарыша сүйлөө. *Жабырап жыргап отурушат. Чубуртчу эле ушакты, Жаагы тынбай жабырап* (Маликов).

2. Көп болуп тез чыгуу, көбөйүп кетүү. *Жабырап түндө ай-жылдыз* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАБЫРАТ жабыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫРДУУ жабырлуу менен бирдей.

ЖАБЫРДЫК жабырлык менен бирдей.

ЖАБЫРКА *этиш.* Жабыр тартуу, кордук көрүү; кысымчылыкка, зордук-зомбулукка учуроо. *Жазыксыз туткун болгон жан, Жабыркап жалгыз жатат да* (Аалы). *Жалчы болуп жабыркап Байга жүрдүң кедейлер* (Тоголок Молдо).

ЖАБЫРКАТ жабырка этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫРКОО жабырка этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБЫРЛА *этиш.* 1. Жабыр тарткызуу, бир өөгө кордук, кысымчылык көрсөтүү.

2. Бир ишке жарыша, текши киришүү. *Шаңданат элестери жаңылыктын, Жаткан соң жабырлашып иштеп тегиз* (Маликов).

ЖАБЫРЛАН жабырла этишинин өздүк мамилеси.

ЖАБЫРЛАТ жабырла этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫРЛОО жабырла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБЫРЛООЧУ *зат.* Бирөөгө кордук, кысымчылык көрсөтүүчү.

ЖАБЫРЛУУ *сын.* Каардуу, кыйын, оор, кысымчылык көрсөтүүчү. *Жабырлуу кыштан кутулуп, Жайында малдын түрү өсөт* (Осмонкул).

ЖАБЫРЛЫК *зат.* Каардуулук, ырайымсыздык. *Манаптардан жабырлыкты көп көрдүк* (Тоголок Молдо). *Уч момунду муздап, Жабырлыкты күч кылган* (Тоголок Молдо).

ЖАБЫРОО жабыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБЫТ *зат.* Далда, кокту сыяктуу ылымта жер. *Жабытында жаны бар, Жан бүткөндүн баары бар* (Каралаев). *Жер жабытта жаткан береги Чалкалмакты келип көр* («Эр Табылды»). *Абдан жакын келсин деп, Жабытта жатты токтолуп* («Эр Табылды»).

ЖАБЫТТА *этиш.* Жабытка, далда жерге, кокту сыяктуу ылымта жерге жашырынуу, далдалануу, жатып алуу. *Жабыттап жатып алганча, Жазы кыргыз элинин Жайлоосун чалып келемин* («Эр Табылды»). *Жабытташып бириндеп, Канчорого кантkенде Жүрөбүз деп бүжүңдөп* («Семетей»).

ЖАБЫТТАТ жабытта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫТТОО жабытта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАБЫШ *этиш.* 1. Жармашуу, бир нерсеге экинчи нерсе беттелишип, желимделип калуу. *Балдарынын көбү териси сөөгүнө жабышып, итий деген ооруга жолугушчу* (Сыдыкбеков). *Жаз чыкканда жаркырап, Жабышкан даакы түлөшөт* (Осмонкул).

2. Асылуу, бир нерсени иштетип алуу үчүн такактап өтүнө берүү, коё бербей, жибербей жармашуу. *Сен неге жабышасың ач кенедей?* (Үмөталиев). *Жакынсып кытмыр жабышса, Тез эле кетчү дарт эмес* (Аалы). *Жабалактап көп калмак, Табылдыга жабышып* («Эр Табылды»).

ЖАБЫШКАК *сын.* Илээшчек, жабышып калма, жукма. *Жабышкак жаны болсо калар бекен* («Кыргыздын эл акындары»).

ЖАБЫШМА *сын.* Илээшме, чапталма, жабышып калма.

ЖАБЫШТЫР жабыш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАБЫШУУ жабыш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАВАН *зат. диал.* Шкаф. *Үйлөрдүн ичи чакчелекей түшүп, андагы жавандар, сандыктар, кутулар аңтарыла баштады* (Абдукаримов).

ЖАГАЛДАН *этиш.* Көңүлү эргип көтөрүлүү, алчылануу. *Мойнуна камчыларын иле салып, Балбандар эл аралап, жагалданып* (Маликов). *Кубанып жеңген элим жагалданды , Каарман кызыл элдер мөөрөй алды* (Нуркамал).

ЖАГАЛДАНТ жагалдан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАГАЛДАНУУ жагалдан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАГАЛМАЙ *зат.* Кыргыйдан кичине, турумтай сыяктуу алгыр куш. *Жагалмай деген жапан куш Жар ташка барып конгон жок* (Эсенаалы). *Кузгун болду кароолу, Жагалмай болду жасоолу* (Барпы).

ЖАГАНА I *зат. диал.* Эртең мененкиге калган бышкан эт.

ЖАГАНА II *зат.* Пахта өсүмдүгүнүн арасын суюлтуу, анын артык баш бутактарын кесип таштоо иштери. *Гозобуз текши өнүп чыгып, жагана иштери бүткүчө көз болуп жүргөн* (Абдукаримов).

ЖАГДАЙ *зат.* Ыңгай, шарт. *Азыркы жагдай кошумча сөз сүйлөөгө мажбур кылды* (Бейшеналиев). *Иштин жагдайына кара.*

ЖАГДАЙЛУУ *сын.* Жагдайы бар, ыңгайы бар, шарты бар. *Жасалгалуу мулкүңдү Жагдайлуу жерге салгансың* (Токтогул).

ЖАГДАН *зат.* Сырты булгаары менен капталган жана мык менен кооздоп кадалган сандык. *Баштык-уштук, жагданды Чечилип баары чачылды* («Мендирман»). *Алтын жагдан түрдөтүп, Көрүүгө кооз болсун деп* («Сариншы—Бөкөй»).

ЖАГЖАЙ *этиш.* Кийимди топчулабай, төшүн ачып коюу. *Көйнөгүнүн жакасы жагжайып, төшү күнгө күйгөн* (Сасыкбаев). *Жүн [баскан] төшүн чокко жакын алып келип жагжайып олтурган бирөө.. каткан өрүктү кемирүүдө* (Сасыкбаев).

ЖАГЖАЙТ жагжай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАГЖАҢДА *этиш.* Төшүн ачып, көкүрөгүн керип жүрүү. *Калың топто жагжаңдап, Сүйлөп турган Кудаке* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖАГЖАҢДАТ жагжаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАГЖАҢДОО жагжаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАГЖАЮУ жагжай этишинин кыймыл атоочу.

ЖАГОО *зат.* 1. Кыраан куштун мойнуна тагылуучу жибектен чалып жасалган чачыктуу боо. *Жагоо таккан кыргыйдай, Жасалгасы жарашкан* (Осмонкул). *Келериңде, дүнүйө, Алтын жагоо куштайсын, Кетериңде, дүнүйө, Кышкы чилде муздайсың* (Токтогул).

2. Галстук (пионерлердин мойнуна тагынуучу кызыл галстугу). *Жакасына жагоо байлап, Пионерлер гүл кармап* (Нуркамал).

ЖАГООЛО *этиш.* Жагоо тагуу, жагоо байлоо.

ЖАГООЛУУ *сын.* Жагоосу бар, жагоо тагылган. *Жаш да болсоң ээлеп тур Жагоолуу куштай тууруңду* («Курманбек»).

ЖАГУУ жак этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖАГЫЛ жак этишинин өздүк мамилеси.

ЖАГЫМ *зат.* 1. Тамактын организмге сиңимдүү, жаккан касиети. *Эскирип кеткенде эттин да жагымы болбой калат* (Убукеев).

2. Сүйкүм, адамды өзүнө тарткандык, жагуучулук. *Жагымы артык киши. Жагымың жандан артыкча.*

ЖАГЫМДУУ *сын.* 1. Жагымы бар, пайдалуу, сиңимдүү. *Ар адамга жагымдуу Айран, жуурат, кымызы* (Осмонов). *Бул жер малга жагымдуу дүйүм чөптөрү менен ар качан малчыларды дегдетет* (Каимов).

2. Сүйкүмдүү, уккулуктуу. *Укканда жанга жагымдуу, Кулактан кетпейт кептериң* (Осмонкул).

ЖАГЫМДУУЛУК *зат.* 1. Жагыштуулук, сиңимдүүлүк, пайдалуулук.

2. Сүйкүмдүүлүк, жагарлык.

ЖАГЫН I жак II этишинин өздүк мамилеси.

ЖАГЫН II жак IV этишинин өздүк мамилеси.

ЖАГЫШТУУ жагымдуу менен бирдей.

ЖАДА *этиш.* Дайыма эле бир калыпта болуп көп кайталана бергендиктен, кызыксыз, сүйкүмсүз болуп, көргүсү, уккусу келбей тажап калуу, жек көрүп калуу. *Мен бул гүлдү тере берем жадабай, Жайы, кышы мезгилине карабай* (Нуркамал). *Жадагандан кийин Жаркын унчукпай бастыра берди* (Убукеев).

◆ **Кутула жадоо** — көргүсү келбөө, уккусу келбөө, жек көрүү. *Жаш аялметтиктен, жалгыз бойлуктан кутула жадаган эне ичинен далай кубанган* («Ала-Тоо»).

ЖАДАГАЙ I *зат.* Кыраан куштун аты.

ЖАДАГАЙ II жайдак менен бирдей. *Жакшы көргөн атыңды Жадагай минип арытат, Жайсыз жерге бактырба* (Осмонкул).

ЖАДАГАЛСА жадаганда менен бирдей.

ЖАДАГАНДА *мод.* Эң болбогондо, эң жок дегенде, эч болбогондо, кур дегенде, ал гана турсун, жадаса. *Чиркейи да чагат, көгөнү да кан сорот, жадаганда, желимчи да тынчтык бербейт* (Аалы).

ЖАДАСА *мод.* Эң болбогондо, ал турсун, жадаганда. *Аскар, жадаса, жекшемби күнү да таңдан турат* (Сыдыкбеков). — *Жадаса, ошол өзү көктөгөн турпан талды да тигип алалбайбыз, — деди Сабыр кейип* (Сыдыкбеков).

ЖАДАТ жада этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАДОО жада этишинин кыймыл атоочу.

ЖАДЫ *зат.* Чөп, саман, бакал сыяктуу тоюттарды туурагыч, кескич.

ЖАДЫРА *этиш.* 1. Көңүлдүү, шат, кабагы ачык болуу. *Жайдары болбойт*

селкилер, Жадырап, жайнап күлбөсө (Турусбеков).

2. Жайноо, жаркыроо. *Жадыраган жазгы күн. Күн жадырап чыкты.*

ЖАДЫРАТ жадыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАДЫРОО жадыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЖЫЛДА 1. *этиш.* Ажылдоо, кажылдоо, бажылдоо.

2. Жалындоо, абдан күчөп күйүү. *Жажылдап жаткан кызыл жалын.*

ЖАЖЫЛДАТ жажылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЖЫЛДОО жажылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЗ I *зат.* Кыш менен жайдын ортосундагы жыл мезгили. *Жаз—жарыш, күз—күрөш* (макал). *Жазга маал.*

ЖАЗ II *этиш.* Кагаздын же башка материалдын бетине графикалык белги, тамга түшүрүү. *Матрена Петровна балбылдаган шамдын жарыгында олтуруп уулуна кат жазды* (Сасыкбаев).

ЖАЗ III *этиш.* 1. Бир нерсени жаюу, ачуу, түрмөгүн жандыруу. *Куйрук-канат жетилип, Кулачын керип жазган күн* (Үсөнбаев). [*Кагаздын*].. *бүктөөсүн жазып, көз жүгүрттү* («Ала-тоо»). *Канатын жазып күүлөнүп Камчыланып сызды эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Таратуу. *Күн нуру, ачык аба черди жазган, Жер бети кызыл-тазыл жашылданган* (Аалы). *Атаң барып жоо жеңип, Элдин жазат капасын* (Нуркамал).

ЖАЗ IV *этиш.* Жаңылуу, ката кетирүү, кемчилик кетирүү, жаңылыштык кетирүү. *Бир жеримен жазып калбагай элем деп чеберлей жүрдүм* (Каимов). *Мен сага эмнемен жаздым?*

ЖАЗА I *зат.* Кылмышы үчүн тарта турган айып, кылган кылмышы үчүн колдонулуучу чара. *Басмачыларды атуу жазасына буюртуу керек* (Байтемиров). *Жаза тарт. Сайраймын сөздүн тазасын Залимдин берген жазасын* (Тоголок Молдо).

ЖАЗА II *такт.* Таамай эмес, жаздым, калпыс. *Жаза атып калуу. Жаза басса ат туягы, Жардан таштар куланат* (Бөкөнбаев).

◆ **Жаза басуу** — иште жаңылышуу, адашуу, каталык кетирүү. **Жаза-буза** — чала-була, тпер-тийбес, жетер-жетпес. [*Бубуш*] *чым менен жаза-буза уруп калды* (Турусбеков). *Жаза-буза кармап калдым.*

ЖАЗАЙЫЛ *зат.* Эски убактагы майда калибердүү замбирек, оор мылтык. *Жазайыл аткан сандан көп* («Манас»).

ЖАЗАЙЫЛДУУ *сын.* Жазайыл асынган, жазайылы бар.

ЖАЗАЙЫЛЧЫ *зат.* Жазайыл менен атуучу адам.

ЖАЗАКЕР *сын.* Күнөөкөр, күнөөлүү, кылмышкер. *Апам болсо, кылмышын актай албаган, жазакер немедей, алды-артыма чыгып үйрүлө калып, жагынуунун аракетинде* («Ала-Тоо»).

ЖАЗАЛА *этиш.* Жаза берүү, жазага тартуу, айыпка тартуу. *Идаятхан апам бүгүн бизди жазалады го* (Жантөшев).

ЖАЗАЛАН жазала этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЗАЛОО жазала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЗАЛООЧУ *зат.* Жаза берүүчү, жаза тарттыруучу, айыптоочу.

ЖАЗАЛУУ *сын.* Жаза алган, жазасы бар, күнөөлүү, айыптуу, кылмыштуу. *Жазалуу адам. Сен жазалуусуң.*

ЖАЗАТАЙЫМ *такт.* Кокустан, күтпөгөн жерден, жаңылыштан. *Жазатайым келбей калса кантебиз?*

ЖАЗГАН *этиш.* Коркуу, тайсалдоо, жүрөксүнүү, жалтануу. *Эр жигиттин белгиси, Эч нерседен жазганбайт* (Токтогул). *Мен келген кишиден жазганып, тыттын түбүнө тура калдым* (Жантөшев).

ЖАЗГАНТ жазган этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЗГАНУУ жазган этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЗГАНЧААК *сын.* Коркок, жалтак, жүрөгү жок, жалтанчаак.

ЖАЗГАНЧААКТЫК *зат.* Коркоктук, жалтактык, жүрөгү жоктук, жалтанчаактык.

ЖАЗГЫ *сын.* Жазындагы; жаздын күнкү. *Жазгы эгин. Жазгы жумуштар. Жазгы талаа жашыл жибек оронгон, Кызыл, сары түрдүү гүлгө боёнгон* (Маликов).

ЖАЗГЫР *этиш.* Адаштыруу, көрүнбөй качып кетүү. *Оолуктуруп абаңды, Тайбуурулдан жазгырдың* («Семетей»). *Келген го деп Табылды Башка жак менен жазгырып* («Эр Табылды»).

◆ **Көз жазгыруу** — жылт коюу, астыртан билдирбей кетип калуу.

ЖАЗГЫРУУ жазгыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЗГЫСЫН *такт.* Жазында, жаз күндөрүндө.

ЖАЗГЫТУРУ *такт.* Көктөмдө, жазга маал, жаз алдында.

ЖАЗГЫЧ *сын.* 1. Кыйын жаза турган, жазганды жакшы билген. *Жазгыч киши* (Асылбеков).

2. Чыгармасын кагаз бетине түшүргөн, жазып калтырган. *Жазгыч акын дар.*

3. *сүйл.* Жазуучу. *Бири — жазгыч, Бири кирпич бышырат, Бири — монтёр, Ильич шамын тамызат* (Аалы).

ЖАЗДА I *этиш.* Башка, алдыга жаздык же башка бир нерсени коюу, төшөө. *Жаздыкты бийик жаздап кой. Мага атлас төшөктөн төшөп, алдыма мамык жаздагыла* (Жантөшев).

ЖАЗДА II *этиш.* Негизги этиш менен кошо айтылып, кыймыл-аракеттин аз-аз жерден аякталбай, белгилүү бир жыйынтыкка аз гана жерден жеткирилбей калган абалын билдирет. *Андрейдин аты мүдүрүлүп кете жаздап, аз жерден калды* (Байтемиров). *Өрттөнүп ичим күйгөндөн, Өлүп кете жаздадым* (Тоголок Молдо).

ЖАЗДОО I *зат.* Жазгы жайыт. *Жазгы жаздоо, күзгү күздөөгө мыңдай жайлуу жайыт оңой табылбайт* («Советтик Кыр-

гызстан»). [*Абылбек*].. *колхоздун жаздоо, күздөө, кыштоолорун.. кандай пайдалануу керек экендигин да айтып өттү* (Жантөшев).

ЖАЗДОО II жазда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЗДЫК I *зат.* Ичине куштун жүнү ж. б. салынып жасалган башка жаздалуучу буюм. *Куш жаздык. Мамык жаздык.*

◆ **Өз жаздыгын өзү ала жатуу** — өзү өлө турган болгондон кийин бирөөдөн өчүн ала жатуу, өзү менен кошо кас адамын да өлүмгө учурата кетүү. **Көз жаздыгы**— көздүн асты. *Көз жаздыгы шишик тартканчарчысы Жүрөгүнө колун басып сүйлөдү* (Аалы).

ЖАЗДЫК II *сын.* 1. Жазга тиешелүү, жазга арналган. *Адамдар жаздык кийимдерин кийишти.*

2. Жазында айдалган; жазгы. [*Жапаркар*].. *шоссе жолдун үстүндөгү жаздык буудайга келишти* (Баялинов). *Күздүгүн гүлдөп баш алсын, Жаздыгың жайнап жашарсын* (Калык).

ЖАЗДЫМ *такт.* Жаңылыштан, кокустан, күтпөгөн жерден; жаңылыштык, кокустук. *Жаздым болуп ок жаңылды.* [*Даша*].. *жумуш жаатынан түк жаздым кылбаска, эскертүү албаска тырышты* (Сасыкбаев).

ЖАЗДЫР I жаз этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЗМА *сын.* 1. Жазылган, кагаз бетине түшүрүлгөн. *Жазма адабият.*

2. Жазуу. *Кыргыздын улуттук жазмасы.*

◆ **Кол жазма** — кол менен жазылган, басылып чыга элек текст. *Узаков кол жазманы учтуу кызыл карандаш менен белгилеп окуп,. жалгыз олтурган экен* (Бейшеналиев).

ЖАЗМЫШ *зат.* Тагдыр, келечек.—*Жазмышым ушундай экен* (Абдукаримов). *Бешенеге буткөн жазмыш ушул турбайбы* (Баялинов).

ЖАЗУУ I *зат.* Графикалык тамга менен бир нерсенин бетине түшүрүлгөн, жазылган сөз, ой. *Жазуу дептери. Жазуусу бар кагаз. Китептин жазуусу.*

2. *өт.* Жазмыш, буйрук. *Тагдырдын жазуусун көрөрбүз.*

ЖАЗУУ II жаз этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖАЗУУЧУ *зат.* Адабий чыгарма жазган адам. *Өзүм—акын, жазуучу, Илимдин кенин казуучу* (Тоголок Молдо).

ЖАЗУУЧУЛУК *зат.* Адабий чыгарма жазып, ошол иш менен кесип кылуучулук. *Жазуучулук кесип. Жазуучулук шык.*

ЖАЗЫ *сын.* Жайык, кенен, кең, эндүү. *Жазы маңдай. Жазы кур. Үкү таккан жазы кундуз тебетей* («Ала-Тоо»).

ЖАЗЫК I *зат.* Күнөө, айып, кылмыш. *Анда эмне жазык* (Сыдыкбеков). *Уккан кулакта жазык жок* (макал).

ЖАЗЫК II *сын.* 1. Жайылган, жазылган, жумулбаган. *Алакан жазык, кол ачык, Аттанып чыкса жол ачык* («Манас»).

2. Түз, жайык, кендик. *Жайкалган көлбөк кең жазык, Жайылган кыж-кыж калың мал* (Элебаев). *Адырдын жазык салаадан Куланы сууга куюлат* («Манас»).

ЖАЗЫКТУУ *сын.* Күнөөлүү, кылмыштуу, айыптуу. *Жамандыгын ырдайм деп, Жазыктуу болдум манапка* (Бөкөнбаев). *Же жалгыз барып калмакка Жазыктуу болуп калдымбы* («Курманбек»).

ЖАЗЫЛ жаз этиштеринин өздүк мамилеси.

ЖАЗЫНДА *такт.* Жаздын күнү, жаз мезгилинде. *Жазында суу кирген сайдан өтүп болбойт.*

ЖАЗЫНКЫСЫН *такт.* Жазында, жаздын күнү. *Былтыр жазынкысын суук кыйын болду.*

ЖАЗЫШ жаз этишинин кош мамилеси.

ЖАЙ I *зат.* Жаз айларынан кийин келүүчү мезгил, жаз менен күздүн ортосу. *Эгин айдап мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул). *Жай салкыны түн менен, Кызгалдак кызыл гүл менен* (Токтогул).

ЖАЙ II *зат.* 1. Орун, турак, мекен. *Жай таппадым жатарга, Үй таппадым батарга* (Токтогул). *Күрөктү алып барып шаймандар жаткан жайга таштады* (Байтемиров).

2. Төшөк, жата турган орун. *Жай сал. Мейманга жайды көрсөттү* (Бейшеналиев).

3. Ал-абал, шарт. *Ашым иштин жайын эми гана түшүндү* (Каимов). *Жаман жайын айтам деп, баарын айтат* (макал).

4. Мекеме, ишкана, окуу орду. *Жапар Караколдо педагогикалык окуу жайынан окуган* (Баялинов). *Биздин өлкөнүн өнөр жайы зор күч-кубатка ээ болот* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Жайын табуу** — бирөөну жайлоо, өлтүрүп салуу. *Жайыңды табам.* **Жайынан чыкпай калуу** — ордунан чыкпай калуу, орундалбай калуу. *Оюң жайынан чыкпай калды.* **Жаны жай албоо** к. жан I.

ЖАЙ III *такт.* Акырын, шашпай. *Бүгүш жай басып барып, арыктын боюна олтурду* («Ала-Тоо»). *Андрей өзүн токтоо кармоого,.. жай сүйлөөгө тырышты* (Байтемиров).

◆ **Жай алуу** — тынчтанып, тынч алып, жайланышып калуу. *Үйгө жай алып отургандан кийин Токобай мейманын сөзгө алды* (Каимов). **Жай сүйлөм**—бир бүткөн ойду жай гана баяндаган сүйлөм.

ЖАЙ IV *этиш.* 1. Жазуу; төшөө; жазып, илип коюу (мис., жуулган кирди); ачып коюу (мис., китепти); каптатуу, коё берүү (мис., сууну). *Бурма кайнаган самоорду алып келип, дасторконду жайды* (Каимов). *Чачын жайды. Китеп жай. Аштыкка суу жай. Бутуман кан жая бериптир.*

2. Таратуу, билдирүү, маалим кылуу. *Элге жай. Атагын жай.*

3. Малды оттотуу, жайытка чыгаруу. *Кой жай. Мал жай.*

ЖАЙБАРАКАТ *такт.* Акырын, шашпай, камырабай, эч нерседен капарсыз, бейкам. *Койлор.. жайбаракат оттоп жүрүшөт* (Жантөшев). *Эчтемеөөн кабары жок, жайбаракат жүрүшөт.*

ЖАЙБАРАКАТТАН *этиш.* Жайбаракат абалда болуу, тынчтануу, жайлануу, ка-

парына эчтеме албоо. *Бирок биз жайбаракаттанбайбыз.*

ЖАЙБАРАКАТТАНУУ жайбаракаттан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙБАРАКАТТЫК *зат.* Шашылбагандык, эч нерседен капары жоктук, камырабастык, бейкамдык.

ЖАЙГАР *этиш.* 1. Тартипке салуу, жөнгө салуу, орду-ордуна коюу; башкаруу. *Жөн билги топ башкарган сүйлөп бак-бак, Жайгарып келгендерди жүрөт баштап* (Абдыраманов). *Бригадир топучан сылтып баскан, Жайгарып шашып жүрөт «болгула» деп* (Абдыраманов).

2. Сооротуу, тынчтантуу. *Элдин көңүлүн жайгарды. Калың кыпчак көп элди Эр Олжобай жайгарган* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖАЙГАРУУ жайгар этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙГАШ *этиш.* 1. Тартипке салынуу, иретке келүү.

2. Орношуу, жайланышуу, орун алуу. *Камкор жолдошуна ыраазы болгон студент чыркап жетип жакшы орунга жайгашат* (Бейшеналиев). *Бул имаратта селолук советтин конторасы жайгашкан.*

ЖАЙГАШТЫР *этиш.* 1. Тартипке салуу, орду-ордуна коюу, орундаштыруу. *Малды жайгаштырып коюп [малчылардын] бардыгы от жагылган ыктоону жамаалады* (Убукеев). *Акман бир жумушту жайгаштырып.. тура калды* (Сыдыкбеков).

2. Турууга жай берүү, орноштуруу. *Жолоочуларды мейманканага жайгаштырып койгула* («Ала-Тоо»).

ЖАЙГАШТЫРУУ жайгаштыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙДАК *сын.* 1. Ээр-токумсуз, ээр токулбаган. *Сопол куйрук жээрде кашканы жайдак минген бирөө,.. чоң көк атты кууп баратат* (Жантөшев).

2. Ичинде эч нерсеси жок, адам жашабаган ээн (үй); эл жашабаган, эч нерсе эгилбеген, ээн (талаа). *Эшиги жок жайдак тамда жаткамын. Жапайы турмуш, жайдак жерди Жашандатып гүлэкти* (Бөкөнбаев).

◆ **Жайдак төш** — ачык-айрым, көңүлүндө кири жок, даалдаган.

ЖАЙДАКТА *этиш.* Ээр-токумун алып, жайдак кылып коюу. *Ээрин алып жайдактап, Бутун тушап баймактап* («Эр Табылды»).

ЖАЙДАКТАН жайдакта этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЙДАКТАТ жайдакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙДАКТОО жайдакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙДАҢДА *этиш.* Жадырап-жайнап, көңүлдүү, шаттуу жүрүү. *Кекемдер бир сонунду минип алып, Жайдаңдап жүрүшпөйбү айдап кошун!* (Турусбеков). *Ачык-айрым азамат Аргымак аттай жайдаңдайт* (Токтогул).

ЖАЙДАҢДОО жайданда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙДАРЫ *сын.* Шайыр, көңүлдүү, ачык-айрым. *Жаш балдары эр чыккан Жайдары совет элинен* («Кыргыз фольклору»). *Талыкпай Жумушкылышат Кыз-келини жайдары* (Осмонкул).

ЖАЙКА *этиш.* 1. Акырын кыймылдатуу. *Дыйкандар сакалдарын желге жайкап, Карашат эгиндерин эртең байкап* (Аалы). *Буркурап согуп күзгү жел, Буудандын башын жайкаган* (Мидин).

2. Жөнгө салуу, тынчытуу, аяк-быягын айтып жоошутуу, жайгаруу. *Алдап-соолап жайкайын. Арада чатак сөз болсо, Жайкай жүрсөң жигиттик* (Барпы). *Жайкай сүйлөп, Оозунан чаң буркурайт* (Аалы).

ЖАЙКАКТА *этиш.* Көөдөнүн көтөрүп, эки жагына теңселе басуу.

ЖАЙКАЛ *этиш.* 1. Чайпалуу, теңселүү, ыргалуу; кубулуу, кулпуруу; чоң, узун келип, жайылып туруу (мис., сакал). *Жайкала басат. Жайкалып жашыл шибер миң кубулуп, Чачырайт ак байчечек төрдүн гүлү* (Үмөталиев). *Сакалы жайкалган карыя.*

2. Жарашып, келишип туруу. *Көйнөгү жайкалып турат. Жакшы айгырдын үйрү өсүп, Жал-куйругу жайкалган* (Осмонкул).

ЖАЙКАЛТ жайкал этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙКАЛУУ жайкал этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙКАҢДА *этиш.* Эпилдеп-жепилдеп сылык мамиле кылуу. *Жакшы жигит жайкаңдап Адамдын көөнүн калтырбайт* (Токтогул). *—Кымыз деген тамак жылкы болсо гана болот! — деп, Сары дагы жайкаңдады* (Убукеев).

ЖАЙКОО жайка этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙКЫ *сын.* Жайдын күнкү, жай мезгилиндеги, жай убагындагы. *Жайкы соккон шамалдай Тез качканын кантейин* (Үмөталиев).

ЖАЙЛА I *этиш.* Жайды бир жерде өткөрүү, жайында бир жерде туруу. *Суу сугарып, арык чаап, Саратан чөлдү жайладың* (Тоголок Молдо).

ЖАЙЛА II *этиш.* 1. Жайгаштыруу, орду-ордуна коюу, тартипке салуу; тынчытуу (мис., көңүлдү). *Малыңды жайлап болгон соң, Келгиле калбай жабыла* (Токтогул). *Кыйыштырып сөз сүйлөп, Кыйланын көөнүн жайлаган* (Осмонкул).

2. Өлтүрүү, жок кылуу, түбүнө жетүү. *Бир канчасын жайлап, далайларын туткунга алдык* (Каралаев). *Алышкан жоосун жайлаган, Алп мүчөлүү сен кимсиң?* («Манас»).

ЖАЙЛА III *этиш.* Акырындоо, шашпоо, жай кыймылда болуу. *Күрпүлдөк суусу жайлап агып, жээгине камыш өнө баштайт* (Сыдыкбеков).

ЖАЙЛА IV *этиш. эс.* Сыйкырлап күн жаадыруу. *Кар жаадырган Элдияр, Кара таш салып күн жайлап* («Эр Табылды»). *Күндү катуу жайладым, Күз булутун байладым* («Эр Табылды»).

ЖАЙЛАЙ *такт.* Жайлата, жайы менен, жай бою. *Жайлай оттогон сүттүү уйлар*

жыл сайын төлүн арбытууда (Сыдыкбеков).

ЖАЙЛАН жайла II этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЙЛАТА *такт.* Жайды жайлай, жайы менен, жай бою. *Жайнаган элди кубанткан Жайлата кылган эмгегиң* (Токтогул).

◆ **Жайды жайлата** — жайлата, жай бою. *Бригаданын мүчөлөрү жайды жайлата мыкты эмгектеништи* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАЙЛАШ I *этиш.* 1. Орун алуу, бир жерге орношуу, жайланышуу. *Орунга жайлашып отуруу.*

2. Элдешүү, тынчышуу, жай сүйлөшүү. *Жайлашып жолго салайын, Жакшылык кылып калайын* («Манас»). *Жайлашып жакшы жөнөткүн* («Курманбек»).

3. Өлтүрүү, жок кылуу, түбүнө жетүү. *Келди бекен кырылгыр, Олжобайды жайлашып* (Олжобай менен Қишимжан»).

ЖАЙЛАШ II жайла I этишинин кош мамилеси.

ЖАЙЛАШТЫР *этиш.* 1. Орду-ордуна коюу, орноштуруу, жай-жайына коюу. — *Апей, иним келип калды көрүнөт, аларды жайлаштырып келе коёюн* («Советтик Кыргызстан»).

2. Элдештирүү, жараштыруу, тынчытып коюу. *Жакшы жигит белгиси, Айылдан чыккан чатакты Жайлаштырып бүтөөн* (Осмонкул).

ЖАЙЛАШУУ жайлаш I этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙЛОО I *зат.* Жайында мал жаюучу жайыт, мал жайыты. *Кең төр — кенен жайлоо* (Убукеев). *Малды жайлоого чыгарып жибердик* (Маликов).

ЖАЙЛОО II жайла этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖАЙЛООЛОШ *сын.* Бир жайлоодо жайлаган, бир жайлоодо коңшулаш отурган, жайлоосу бирге.

ЖАЙЛУУ *сын.* 1. Ыңтайлуу, орунтуктуу. *Эртеси Жылдызкандар кеч ойгонушту. Жатқан жери жайлуу болгондуктан, мемиреп уктап калышыптыр* (Байтемиров).

◆ **Жаткан жери жайлуу болсун** — өлгөн адамды урматтоо үчүн айтылуучу сөз.

ЖАЙЛЫК *сын.* Жайында пайдаланылуучу, жайга тиешелүү. *Жайлык кийим.*

ЖАЙМА *сын.* 1. Сатылуучу нерселер элге көрүнүп турсун үчүн жайылып коюлган, ар ким өз буюмун көтөрүп сатма (базарга карата). *Жайма базардан учурап калдык* (Убукеев).

2. Идиштин кыры менен текшилене, жайпама салынган. *Эки капка жайма кылып салынган буудай.*

ЖАЙМАЛА *этиш.* Идиштин кыры менен жайма кылып салуу, жайма кылып толтуруу. *Бу Кокондон келген сыр аяк, Қолума бердиң жаймалап* (Токтогул). *Эгиниңди эзелешкен, Кампасына жаймалап* (Аалы).

ЖАЙМАЛАТ жаймала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙМАЛОО жаймала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙНА *этиш.* 1. Өтө көп чачылуу, эң эле көп болуп көрүнүү. *Буудай жерге жайнап калды. Жылдыздар жайнап чыгып калыптыр. Жер жайнаган мал. Жайнаган элди кубанткан Жайлата кылган демилгең* (Токтогул).

2. *өт.* Жалжылдоо, жоодуроо; жаркыроо (мис., нур); кулпуруу (мис., гүл). *Сагының көзү жайнаган Жарыңар күтөт силерди* (Аалы). *Жарык нурлар жайнап жерге төгүлдү* (Қалык). *Байчечекей жайнап турат.*

ЖАЙНАМАЗ *зат.* Намаз окуганда алдына жайып коюучу нерсе (жука кийиз, материал). *Беш убак намаз окусаң Жайнамазың салайын* («Кедейкан»).

ЖАЙНАТ жайна этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙНОО жайна этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙПА *этиш.* Бир нерсенин бетин каптоо, жайылып кетүү. *Жаткан экен Ысык-Көл Толкуну жайпап төгүлүп* («Эр Табылды»). *Суу жолду жайпап кетиптир* («Ала-Тоо»).

ЖАЙПАК *сын.* Тайпак, терең эмес; жалпак. *Аял унчукпай гана жайпак табактагы боорсокту чаранын жанына тартты* (Абдумомунов). [*Қойчу*].. *бир жайпак таш таап келип, анын бетине сүттөн куюп берди* (Сасыкбаев).

ЖАЙПАҢДА *этиш.* Бирөөнүн көңүлүн алуу үчүн жакшы мамиле кылуу, жагыныштуу түр менен мамиле кылуу. —*О, Акбар иним, кандай жакшыбы?* — *деп жайпаңдап, жетине албай күлүмсүрөду* (Убукеев).

ЖАЙПАҢДОО жайпаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙПАТ жайпа этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙПОО жайпа этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙРА *этиш.* Өлүү, өлүп калуу. *Жайыңды толук айтпасаң, Жашыңда жайрап каласың* («Семетей»). *Мүдөөңүзгө жетүүгө жардам кылышпай турган болсом, жашпайымда жайрап калайын* (Жантөшев).

ЖАЙРАТ жайра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЙРОО жайра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЙСЫЗ *сын.* Жайы жок, ыңгайсыз, оңтойсуз, начар. *Қалың малга алданып, Жайсыз жерге барбасың* (Токтогул). *Жайсыз олтуруп келатат* (Сыдыкбеков). *Коногу жайсыз болду.*

ЖАЙЧЫ *зат. эс.* Жай таштын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы. *Кар жаадырып күн жайлап, Қалкында жайчы бар экен* («Эр Табылды»).

ЖАЙЧЫЛЫК *зат.* Тынчтык, тынччылык; бош убак. *Сен бизди сыйласаң жайчылыкта сыйлап ал* (Жантөшев). *Жашчылык сүйүү сырына Жайчылык мезгил шарт эмес* (Элебаев).

ЖАЙЫК *сын.* Жазы, кең; жалпак; жайылып жаткан, түз тегиздик. [*Кыштактын*].

чыгыш тарабы да кичине көтөрүлө түшүп, анан жайык сайдын нугу менен чектелет (Таштемиров). *Кең көкүрөк жайык төш, Келберсиген шер экен* («Семетей»). *Жайык бет. Кашаттын үстү кыйла жерге мелтиреп жаткан чоң жайык* (Байтемиров).

ЖАЙЫЛ I *сын.* Каардуу, жаалдуу, ачуулуу. *Жайыл Манас көрбөсүн* («Манас»). *Жерге кирсин жайыл деп, Желкеге кылыч бир уруп* («Манас»).

ЖАЙЫЛ II жай этишинин туюк мамилеси.

ЖАЙЫЛМА *зат.* Суунун жайылып аккан жери.

ЖАЙЫЛЫҢКЫ *сын.* Бир аз жайылган, анча-мынча гана жайылган.

ЖАЙЫНДА *такт.* Жайдын күнү, жай мезгилинде. *Жайында кымыз менен саамалдан кур калуучу эмессиңер* («Эмгек азаматтары»).

ЖАЙЫНЧА *такт.* Жөнүнчө, шашылбай. *Жайынча жүргөн киши болуу керек* (Жантөшев). *Жайынча сүйлөшө турган кебим бар эле* (Жантөшев).

ЖАЙЫТ *зат.* Мал жайылуучу жер. *Бизде канчалык сонун жайыттар, чөп чабындылар бар* (Абдумомунов).

ЖАЙЫТТУУ *сын.* 1. Жайыты кең; жайыты көп. *Кең жайыттуу көркөм жайлоо Көк-Ойрок, Аралаша айыл конгон суу бойлоп* (Осмонкул).

2. Ыңтайлуу, оңтойлуу. *Жериң кара мал чарбага жайыттуу* (Калык).

ЖАЙЫШ жай этишинин кош мамилеси.

ЖАК I Тарап, багыт. *Күн жак. Оң жак. Сол жак. Арка жактан келаткан үч атчан Шабыраалынын үнүнөн улам кайрыла калышты* (Байтемиров).

ЖАК II *этиш.* 1. Купулга толуу, көңүлгө төп келүү, жакшы, түзүк катарында эсептелүү. *Зууранын сөзү отургандарга абдан жакты* (Баялинов). *Аялынын калп сөзгө жеңгени Ышкынаалыга жакты* (Байтемиров).

2. Сиңимдүү болуу, аш болуу, пайдалуу болуу. *Мага эт жагат. Абдан жагат акча, Адал эмгегиң тапса* (Шүкүрбеков). *Ичкен жанга дем берип, Жагып турат аккан суу* (Тоголок Молдо).

◆ **Жага бербей калуу** — ойдогудай болуу; табасы кануу. *Көңүлдүү олтуруш [Шамбетке] жага бербей калат* (Сыдыкбеков).

ЖАК III *этиш.* 1. Күйгүзүү, тутантуу, жандыруу. *Биз бактылуу балабыз, Ырдап костёр жагабыз* (Аалы).

2. Жарык кылуу. *Шам жак. Чырак жак.*

ЖАК IV *этиш.* Сыйпоо, сүртүү, шыбоо. *Кара көө жак.*

ЖАКА *зат.* 1. Кийимдин адамдын моюну туура келген жерине ылайыкталып тигилген бөлүгү. *Тик жака. Кайырма жака түлкү ччик Желбегей салып жамынып* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Жээк, чет жака, бир нерсенин бою. *Көл жакасы. Жаркырап аккан чоң суунун Жакасы салкын көлөкө* (Үсөнбаев).

3. Тоо этеги, тоо алды. *Эл жайлоодон жакага түштү. Баасы кымбат, баркы өйдө, Жакасына пахта айдап* (Үсөнбаев).

◆ **Жакасын карматуу** — таң калуу; үрөйү учуу; коркуу.

ЖАКАЛА *этиш.* 1. Жакадан алып булкуу, силкүү, урушуп калуу. *Жаман менен дос болсоң, Жарым тыйын доолашып, Жабыркатат жакалап* (Осмонкул). *Жигиттери жабылып, Жакалады уулумду* («Таалай жомогу»).

2. Жака бойлоп жүрүү, жээктөө. *От жакалай отурду. Байыртан Талас суусу жактан агып, Жакалап көчмөн кыргыз малын багып* (Шүкүрбеков). *Көл жакалап орус келди, Орусту ээрчип ырыс келди* (Убукеев).

ЖАКАЛАТ жакала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКАЛАШ *этиш.* Жакадан алышуу, силкишүү, урушуу.

ЖАКАЛАШУУ жакалаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКАЛОО жакала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКАЛУУ *сын.* Жакасы бар, жака салынган. *Саңсаң жакалуу ичик. Кош жакалуу көйнөк.*

ЖАКТА *этиш.* 1. Бирөөнү, бир нерсени колдоо, бирөө тараптуу болуу, кубаттоо. *—Ал мактады, — Биз ошону жактадык* (Аалы). *Тоо жумушчулар союзунун бийлигин жактайбыз* (Сасыкбаев).

2. Талкууга сунуш кылынган иштин, жобонун (диссертация, проект, дипломдук иш ж. б.) атайын заседаниеде кабыл алынышына жетишүү, аларды коргоо.

ЖАКТАМА: жактама ат атооч *грам.*— үч жактын бирин көрсөтүүчү ат атоочтор (мен, сен, ал ж. б.).

ЖАКТАТ жакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКТОО жакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКТООЧУ *зат.* 1. Колдоочу, кубаттоочу, таламын талашуучу. *Тынчтыкты жактоочулардын саны өсүүдө.*

2. *юр.* Айып коюлган адамды сот процессинде коргогон, жактаган киши.

ЖАКТУУ *сын.* 1. Тараптуу, тармактуу. *Окутуу процесси бир жактуу.. эмес, ал эки жактуу болот* («Мугалимдерге жардам»). *Ар жактуу.*

2. Жактары бар, бир канча жактардан турган. *Көп жактуу призма.*

ЖАКТЫР жак II, III этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЖАКТЫРУУ жактыр этишинин кыймыл атоочу

ЖАКУТ *зат.* Асыл таш. *Эки көзү жалтылдайт Жакуттан кадоо каккандай* («Мендирман»).

ЖАКШЫ *сын.* 1. Сапат жагынан талапка ылайыктуу, көңүлгө толгон, мыкты баага татырлык. *Жакшы жүрүп үлгү алгын —Көптү билген көсөмдөн* (Сыдыкбеков). *Жакшы жылкы. Жакшы кийим.*

2. *өт.* Атактуу, даңкы чыккан, эл билеген адам. *Байлыгыңды баркың үчун аяба, сен жакшыларга ошондо жанашасың!* (Аалы). *Жамгырчынын ордуна Жакшы кылып алалы* («Сариншы—Бөкөй»).

◆ **Жакшы аттуу болуу** — кошомат кылуу, жагынуу. **Жакшы болуу** — оорудан айыгуу, оңолуу. *Карып оорусунан жакшы болду* (Жантөшев).

ЖАКШЫЛА *этиш.* 1. Мактоо, жактыруу, бирөөнүн же бир нерсенин жакшы атагын чыгаруу.

2. Бир нерсенин сапатын жакшыртуу, мурдагысынан жакшы кылуу. *Жалпы журтка пайдалуу Жакшылап чексең тегирмен* (Токтогул).

3. Түзүктөп, ойдогудай кылып иштөө, аткаруу. *Акылыңды жыйнап, шашпай, жакшылап жооп бер* (Жантөшев). *Айтыша көр жакшылап, Жаңылышсаң куурадың!* (Аалы). *Тапшырайын төрт жолдош, Жакшылап баккын энемди* («Кедейкан»).

ЖАКШЫЛАН жакшыла этишинин өздүк мамилеси.

ЖАКШЫЛАТ жакшыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКШЫЛОО жакшыла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКШЫЛЫК *зат.* 1. Жакшы мамиле, жакшы иш, пайдасы тийгендик. *Токтогул элди эмгекке, жакшылыкка үндөгөн* (Бөкөнбаев). *Жакшылыкка жакшылык — ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык —эр кишинин иши* (макал).

2. Жакшы сапат. *Сылык мүнөз адептүү, жакшылыктын өрнөгү* (Осмонов). *Жайыл Манас көрбөсүн Жаңы келген келиндин Жакшылыгын көмбөсүн* («Манас»).

ЖАКШЫЛЫКТУУ *сын.* Ойдогудай, канагаттандыргыдай. *Ойноок бала жакшылыктуу оттоткон да эмес окшойт* (Бейшеналиев).

ЖАКШЫЛЫКЧА *такт.* Чыр-чатаксыз, жайынча, уруш-талашы жок. *—Ким болсоң да бери бас, жакшылыкча сүйлөшөлү* (Жантөшев). *Жакшылыкча жарашпай, Жамандыкка көнөсүң* («Манас»).

ЖАКШЫНА жакшынакай менен бирдей.

ЖАКШЫНАКАЙ *сын.* 1. Жакшы. *Солутпай жакшынакай сактоо үчүн, Жайкалган жайкы гүлдөй кырчын жашын* (Маликов). *Чичилло, ошентип, жакшынакай күзөтчү болду* («Мугалимдерге жардам»).

2. Кооз, көркөм, сулуу. *Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагысы келди* (Сыдыкбеков). *Мурдагыдан да аялы жакын, жакшынакай көрүнөт* (Байтемиров).

ЖАКШЫР *этиш.* Жакшы болуу, оңолуу. *Абалы мурдагыдан жакшырып калды. Ден соолугу жакшыра берди.*

ЖАКШЫРУУ жакшыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКШЫРТ жакшыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКЫН *такт.* 1. Алыс эмес, жуук. *Жакын жер. Жакын келүү. Жакын отуруп сүйлөшүү.*

2. Аз убакыт. *Келерине жакын калды.*

3. Тууган-туушкан, куда-сөөк, дос. *Жалгыз аттуу кедейдин Жакыны болгон Токтогул* (Барпы). *Жакын талашса — жатка жем* (макал).

4. Типтеш, тектеш, окшош, айырмасы аз. *Казак тили да кыргыз тилине жакын.*

5. Бир нерсеге шыгы бар, катышы бар. *Мен башынан эле аңчылык ишине, мүнүшкөрлүк жагына жакын кишимин* («Ала-Тоо»).

ЖАКЫНДА I *этиш.* Жакын келүү, жуук келүү, жакындыгы, окшоштугу болуу. *Араң турган Кычан обдулуп беркилерге жакындады* (Бейшеналиев). *Бул эквөнүн ойлору эки башка, бириники бириникине жакындабайт.*

ЖАКЫНДА II *такт.* Аз убаккытта, тез арада, жакын аранын ичинде, бир аз мурун. *Жакында өткөн съездде, Эмгекчи элдер кеңешти* (Осмонкул). *Жакында жайлоодо эки райондун күлүктөрүнүн жарышы болот* (Каимов).

ЖАКЫНДАТ жакында этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКЫНДАШ *этиш.* Бири-бирине жакындыгы болуу, катышы болуу, жакындоо. *Жакындаша турган ойду айтсаңчы. Жакындашып алуу.*

ЖАКЫНДАШТЫР жакындаш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКЫНДАШУУ жакындаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКЫНДОО жакында этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКЫНДЫК *зат.* 1. Арасы алыс эместик, ыраак эместик. *Силерге карагында шаар бизге жакындык кылат. Мектептин жакындыгы балдарга жакшы* (Сыдыкбеков).

2. Туугандык, тууган-туушкандык, достук. *Пролетариаттык жакындыктан пайда болгон сезим* («САЖИ»).

3. Типтештик, тектеш, окшош болгондук, айырмасы аздык. *Тилдердин жакындыгы. Ой-пикирлери, санаалары бири-бирине жакындык кылбаса, экөөнүн мынчалык достошуп кетиши эч мүмкүн эмес эле* («Чалкан»).

4. Бир нерсеге шыгы бардык, шыктуулук, катышы барлык. [*Аманкул*].. *китеп, газета, журнал менен жакындыгы жок адам* (Убукеев).

ЖАКЫНКЫ *сын.* Жакында боло турган жакын арадагы.

ЖАКЫНСЫ *этиш.* Бирөөнү жакын көрүп, боор тартуу, бирөөгө жакындоого аракет кылуу, бирөөнү жакын кишиси катарында эсептөө. *Жакынсып кытмыр жабышса, Тез элге кетчү дарт эмес* (Аалы).

ЖАКЫНЧЫЛ *сын.* 1. Тууганчыл, туугандарына, жакындарына жан тарткыч.

2. Жакын аралыкка мыкты чуркай турган (атка карата).

ЖАКЫР *зат.* 1. Жеткен кедей, турмуштан, оокат-тиричиликтен кысылган жарды, түгү жок букара. *«Жакшы киши» дечү эле, Жакырларды жарыткан* (Токтогул). *Жоордун жайын жакыр билет* (макал).

2. *өт.* Эч нерсе өспөгөн кумдак, таштуу жер. *Ал жылдарда Балыкчы жансыз жаткан жакыр, куураган кум, шагырап жаткан шагыл.. боло турган* (Убукеев). *Кайып буту баспаган, Жакыр жерге өстүрдү* (Аалы).

ЖАКЫРДАН *этиш.* Жакыр болуу, жарды-лануу. [*Мурун*].. *эл массалары жакырдана берген* («Коммунист»).

ЖАКЫРДАНТ жакырдан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАКЫРДАНУУ жакырдан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАКЫРДЫК *зат.* Жакыр болгондук, кедейлик, жардылык. *Атасы Мурун бай болуп, кандайдыр бир себептер менен жакырдыкка айланса керек* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАКЫРЧЫЛЫК *зат.* Кедейчилик, жакырдык, жардылык. *Миллиондогон адамдар жакырчылыкты жок кылган Советтер Союзуна карап турат.*

ЖАЛ I *зат.* 1. Кээ бир айбандардын моюнунун кырына узатасынан чыккан кыл. *Шибердин көркү мал менен, Жылкынын көркү жал менен* (Токтогул).

2. Жылкынын мойнуна узатасынан бүткөн май. *Арыктатып агытса, Алты күндө жал алган* (Калык). *Ар тамакты жайнатып, Казы кертип жалды жеп* («Эр Төштүк»).

3. Кыр, кырка; кыр сыяктанган жөөк. *Дунгандардын байлары ошол жерлерге бал жасап, жал көтөрүп, күрүч айдашар эле* («Ала-Тоо»). *Алардын* [*эгин талаасының*] *арасынан жал-жал тарткан арыктар өтөт* (Сыдыкбеков).

◆ **Көк жал** — 1) карышкырдын сыртта-ны, мыктысы; 2) баатыр, кайраттуу. *Көк жал Манас. Колчактарды кыйраткан Чапаевдей көк жал эр* (Элебаев). **Ат жалын тартып мингени** — чоңоюп, эр жеткени. *Ат жалын тартып мингени, Атагым чыкты алыска* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖАЛ II: жал-жал 1. Жалжылдаган, жадыраган, жоодураган. *Жароокер жал-жал көзүңдөн, Элестейт өткөн балалык* (Маликов). *Жал-жал көз сулуу Айганыш* («Мендирман»).

2. Сүйгөн жар, сулуу. *Сагынып сени күткөн жалжалыңды, Секетим, зарыкканда бир көрөсүң!* (Шимеев).

◆ **Жал-жал кароо** — 1) сүйкүмдүү кароо. *Болжолдойм, көрө элекмин, бир бото көз, Элестейт карагансып мени жалжал* (Осмонов); 2) бирөөдөн жардам күткөнсүп, жалдырап, жалооруп кароо. *Жалжал карайт жетимсирейт, Үн жок, сөз жок балапан* (Аалы). *Аман аке Иван Петровичке алдыртан жал-жал карайт* (Абдумомунов).

ЖАЛА *этиш.* 1. Тилге жугузуу, тили менен жалмалоо. *Май кармаган бармагын жалайт* (макал). *Аскада бир тоо эчки жаңы туугган, Улагын телчите албай жалап турган* (Шүкүрбеков).

2. Аймалоо, кааруу. *Пай-пай сууктун күчүн карачы, тим эле бетти жалайт* (Байтемиров). *Түү деген түкүрүктү жерге түшүрбөй музга айландырган ызгаар беттиколду жалап турат* («Советтик Кыргызстан»). *Чилденин суугу зыркырап, беттибашты жалайт* (Жантөшев).

ЖАЛАА *зат.* Жалган жеринен коюлган күнөө, доо, шылтоо. *Ак жерден күйгөн жалаадан, Ашкан артык кайгы жок* (Элебаев). *Өлөт белең, айтпасаң Жалган менен жалааны* (Аалы). *Орунсуз жалаа жаппагын* (Осмонкул).

ЖАЛААЛУУ *сын.* Жалаасы бар, жалаага чалынтма. *Жалаалуу ишке чалындым* («Чалкан»).

ЖАЛААЧЫЛ *зат.* Ушакчыл, бирөөгө жалаа жапкыч, жалаа жапканды жакшы көргөн адам.

ЖАЛАК *зат.* 1. Тузсураган мал, кийик жалай турган шор топурак жер, шорчо.

2. Желки, эринге чыккан жара.

3. Сурангандан уялбаган, ач көз. *Жаш кезиңден, эр жигит, Жалак болуп суранба* (Токтогул).

◆ **Куру жалак калуу** *же* **таш жалак калуу** — кандайдыр бир энчиден куру калуу, эчтемесиз, куру кол калуу. *Кантип эле бизди кур жалак калтырсын. Таш жалак калтырып коюп баса бербедимби.*

ЖАЛАКАЙ *сын.* Чыдамсыз, туруксуз, жалкоо, тийип-качмай. *Жалакай болсоң жашыңдан, Өмүрүңдү дат басат* (Акаев). *Жалкоодо амал көп болот, Жалакай өскөн жашында* (Тоголок Молдо).

ЖАЛАКАЙЛАН *этиш.* Жалакайлык кылуу.

ЖАЛАКАЙЛАНУУ жалакайлан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛАКАЙЛЫК *зат.* Чыдамсыздык, туруксуздук, жалкоолук, ишке, бир нерсени чечүүгө тийип-качуучулук. — *Отур, Алым! Жалакайлык кылба!* (Жантөшев). — *Мен чыдаганда сеники жалакайлык эмеспи* (Каимов).

ЖАЛАКОР *сын.* Жалаа жабуучу, жалаа жабууга умтулган, ошондой ишти жакшы көргөн. *Таалайлуу жигит талыбайт, Жалакор адам жарыбайт* (Токтогул).

ЖАЛАКОРЛУК *зат.* Жалаа жабуучулук, жалаа жабууга умтулгандык, жалаа жабууну жакшы көргөндүк.

ЖАЛАКТА *этиш.* Жалаңдоо, көз артуу, шыпылдоо. *Жалактаган жигит. Уруу иттей жалактап.*

ЖАЛАКТАТ жалакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛАКТОО жалакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛАМ *зат.* Тил менен бир гана жалап алгыдай өлчөмдөгү нерсе. *Жалам талкан.*

ЖАЛАМА *сын.* Жылмакай, бүдүрсүз, жыпжылма. *Жалама зоока. Жалама таш.*

ЖАЛАН жала этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЛАҢ *сын.* 1. Чылк, өңчөй, ылгый. [*Метронун*].. *жалаң мрамордон кыйып таңдайлаштырып жасаган дубалдарында бир да чаң, пыр жок* (Байтемиров).

2. Башка эчтемеси жок, кошумчасыз, бир гана, жалгыз гана. *Жалаң эле чайга карап калганда эмне күн болмок?!* («Ала-Тоо»). *Жалаң кат чапан.*

ЖАЛАҢАЯК *туурасы:* **жылаңайлак.**

ЖАЛАҢБАШ *туурасы:* **жылаңбаш.**

ЖАЛАҢДА *этиш.* 1. Шапылдаган, шамдагай көрүнүштө болуу, кайраттуу кө-

рүнүү. *Жалаңдаган ат. Жалаңдаган жигит.*

2. Курч, айбаттуу болуп көрүнүү. *Кылычы колдо жалаңдап, Коңурбай жакын келгенде* (Үсөнбаев). *Жалаңдаган канжарын жүрөгүнө маларда* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАЛАҢДАТ жалаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛАҢДОО жалаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛАҢКЫЧ *зат.* 1. *миф.* Адамдын жанын алып өлтүрүүчү периште. *Бурулган бузук сөзү бар, Жалаңкычтын өзү бар, Төштүк!* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Үрөйү суук, мокочодой. *Жаткан экен чоң Ургөнч Жалаңкычтай көрүнүп.*

ЖАЛАҢТЫК *сын.* Бир кабат, жалаң кабат (кийим жөнүндө); жукарган, сыйрылып, өйкөлүп калган (тери жөнүндө). *Колум кызыл жоор болуп жалаңтык боло түшкөн экен* (Каимов). *Каным эже бирөөнүкүнөн жалаңтык.. бейказам чапан сурап келди* (Бейшеналиев).

ЖАЛАТ жала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛАШ жала этишинин кош мамилеси.

ЖАЛАЯК *зат.* Жаш баланын астына салынуучу чүпүрөк.

◆ **Жалаяк ооз** — чоң ооз, оозу чоң. *Жалаяк ооз, жар кабак* («Манас»).

ЖАЛБА: жалба-жалба — дал-дал болуп айрылган, жыртылган, самсаалап турган. *Кийим жалба-жалба жыртылган.*

ЖАЛБАР *этиш.* 1. Жалынуу. *Калк атасы Лениндин, Атын угуп жалбарып* (Тоголок Молдо). *Баласын кыса кучактап Башынан жыттайт жалбарып* (Бөкөнбаев).

2. Сурануу, өтүнүү. *Жалбарып сенден сурайм ын Жанымдай көргөн жаш жарым* (Бөкөнбаев).

ЖАЛБАРТ жалбар этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛБАРУУ жалбар этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛБАРЫҢКЫ *сын.* Жалбарган, жалооруган. *Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы Боздогон муң кайгылуу үн угулду* (Бөкөнбаев).

ЖАЛБЫЗ *зат.* Жыттуу өсүмдүктүн бир түрү (бул көбүнчө медицинада, парфюмерияда, кондитер ишинде пайдаланылат). *Жалбыздын жыты буруксуйт* (Касымбеков). *Жалбыздын жыты буруксуп, Жанына жылап чачкандай* (Бөкөнбаев).

ЖАЛБЫЗДУУ *сын.* Жалбызы бар; жалбызы көп чыккан.

ЖАЛБЫР: жалбыр-жулбур — абдан жыртылган, айрылган, чалдыбары чыккан. *Этеги жалбыр-жулбур.*

ЖАЛБЫРА *этиш.* Абдан жыртылуу, айрылуу, чалдыбары чыгуу.

ЖАЛБЫРАК *зат.* Өсүмдүктөрдөн абадан азыктануу жана газ алмашуу функциясын аткара турган, түрлүүчө формадагы, көбүнчө көгөргөн түстөгү органы. *Алманын жалбырагы. Теректин жалбырагы.*

◆ **Бака жалбырак** — суулуу, саздуу жерлерге чыгуучу кичирээк жазы жалбыректуу, сабагынын, жалбырагынын ичинде тарам-тарам ичке тамырлары бар өсүмдүк.

ЖАЛБЫРАКТУУ *сын.* Жалбырагы бар; жалбырагы көп.

ЖАЛБЫРАТ жалбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛБЫРОО жалбыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛБЫРТТА *этиш.* Алоолонуп, жалындап күйүү. *Жалбырттаган от. Жыйырма бешке келгенде, Жалбырттаган от болдуң* (Токтогул).

ЖАЛГА *этиш.* Улаштыруу, улоо, жалгаштырып бириктирүү. «*Уламак тургай жалгап жиберсең да, бир тамырдан анча уруу мөмөнү ала албайсың*» *деп айттым* (Сыдыкбеков).

◆ **Өзөк жалгоо** *к.* **өзөк.** Кудай **жалгасын** — алкоону, ыраазы болууну билдирүү үчүн айтылган сөз. **Этегинен жалгоо** *к.* **этек.**

ЖАЛГАМА *сын.* Улаштырылган, жалгаштырылган, уланган, жалганган.

ЖАЛГАН I *зат.* 1. Калп, чын эмес. *Жалганы жок ичинде, Жакшы айтты сөздүн ырасын* (Үсөнбаев). *Бул сөзүңдө жалган жок* (Тоголок Молдо).

2. Чыныгы эмес; жасалма. *Жалган расписка. Ревизионисттер — бул жалган марксисттер* («Коммунист»).

3. *дин.* Түбөлүк эмес, убактылуу дүйнө. *Анык булбул экенсиң, Бу жалганга бир келген* (Токтогул). *Жалганда ишиң оңолот, Жакшы болсо алганың* (Токтогул). *Өткөн соң жалган дүйнөдөн, Өбөктөсөң табылбайт* (Барпы).

◆ **Жалган түш** — түшкө жакындап калган убакыт. *Күн жалган түш* (Сыдыкбеков). *Күн обого толгондо, Жалган түш жаңы болгондо* («Манас»).

ЖАЛГАН II жалга этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЛГАНДЫК *зат.* Калптык, чын эместик. *Ал актынын чын же жалгандыгына көбүнүн көзү жеткен жок* (Жантөшев).

ЖАЛГАНЧЫ *сын.* Калп, калпычы. *Жалганчы залим болбостон Адил сүйлө адамды* (Тоголок Молдо). «*Туура сөздү билбеген Жалганчы бар*» *дечү эле* (Токтогул).

ЖАЛГАТ жалга этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛГАШ жалга этишинин кош мамилеси.

ЖАЛГОО жалга этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛГЫЗ *сан.* Бирөө гана, бирөө эле, бир. *Жалгыз энем бар* (Сыдыкбеков). *Токолдон жалгыз Мендирман* («Мендирман»). *Жалгыз өгүз кош болбойт, Жаакташкан дос болбойт* (макал).

◆ **Жалгыз бой** — 1) үйлөнбөгөн, бойдок (эркек же аял). *Ал кишн жалгыз бой болчу* («Жаш ленинчи») ; 2) үй-бүлөсүнө

үй тиричилигине жардамдашар, кол кабыш кылышар башка киши жок. *Эжем, жеңем жаш балдарлуу жалгыз бой, Калгандарын кантип коём ойлобой* (Нуркамал). **Жалгыз-жарым** — бирин-серин, анда-санда, сейрек. *Жалгыз-жарым жүргөн жолоочулар болсо, уурусу уруп, каракчысы кагып кетүүчү* (Убукеев). *Баягыдай жалгыз-жарым шөлпүлдөп сапарын карыткан жолоочулар көрүнбөйт* (Сыдыкбеков). **Жалгыз аяк жол** *к.* **аяк.**

ЖАЛГЫЗДА *этиш.* 1. Башкалардан бөлүнүп обочолоо, четтөө, башкаларга кошулбастан жалгыз калуу. *Жаныма жолдош албастан, жалгыздап атка минди эми. Жабуусу жаман кара үй Жалгыздап четке конуптур* (Осмонкул).

2. Жекелөө, көптөө, көп киши бир кишиге кысымчылык көрсөтүү. *Балдар аны жалгыздап койду-*

ЖАЛГЫЗДОО жалгызда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛГЫЗДЫК *зат.* Жалгыз болгондук, бир гана өзү болгондук, өзүнөн башка жардамдашар киши болбогондук. *Жалгыздыктын каарын жакшы эле тарттың, эне!* (Сыдыкбеков). *Жан күйөр, издер туугандын жок, Жалгыздыгым билинди* (Токтогул). *Жалгыздыгын жашырган көбөйбөйт* (макал).

ЖАЛГЫЗСЫРА *этиш.* Өзүн жалгыз сезүү, жалгыздыктан эригүү, зериккүү. *Жалгызсырап корксоң же кайгырсаң, үнүңдү чыгарып ырдап жибер* (Аалы). [*Зарыл*] *жалгызсырап корко баштайт* (Сыдыкбеков).

ЖАЛГЫЗСЫРАТ жалгызсыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛГЫЗСЫРОО жалгызсыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛДА *этиш.* Бирөөгө белгилүү акы төлөп жумуш иштетип алуу. *Колунда барлар өз ордуна башка бирөөнү жалдап жиберсе акысы бар* («Ала-Тоо»). *Ысаны жалдап Айтакун, Аштык, чөбүн бактырган* (Тоголок Молдо). *Ит жалдаган суу кечпейт* (макал).

ЖАЛДАН жалда этишинин өздүк мамилеси.

ЖАЛДАНУУ жалдан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛДАП *зат.* Соода кылып жаткан эки кишинин ортосуна түшүп, келиштирүү, макулдаштыруу ишин аткарган адам, далдалчы. *Жалдаптар сыртыңдан бийлеп алганда күйөсүң* (Бейшеналиев).

ЖАЛДАПТЫК *сын.* Базарда жалдап болуучулук, далдалчылык.

ЖАЛДОО жалда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛДУУ *сын.* Жалы бар, жалы чоң. *Токмок жалдуу айгыр. Жалдуу болсо — ат, жакалуу болсо — тон* (макал).

ЖАЛДЫРА *этиш.* 1. Өтүнүч менен кароо, көңүлү менен берилип жана бир нерсе күткөндөй болуп кароо. *Бутумда кишен шалдырап, Мусапыр болуп жалдырап* (Токтогул). *Батыш кыйла сөздөрдү айтып, ар кимге карап жалдырады* (Байтемиров).

2. Көзүнөн оту чыгып балбылдап туруу. [*Даша*].. *көзү умачтай ачылган бойдон жалдырап жатты* (Сасыкбаев). *Жал-жал көзү жалдырап, Айнек бети албырды* (Бөкөнбаев).

ЖАЛДЫРАМА *зат.* Нес, эч нерсе түшүнбөгөн, эч нерсе сезбеген абалда нес болуп карап калгандык. — *Сага жалдырама тийдиби?* (Жантөшев).

ЖАЛДЫРАТ жалдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛДЫРОО жалдыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛЖАГАЙ *сын.* Кымтылбай ачылып турган (мис., ооз). *Акмат жалжагай оозун ыржайтып, мурутун чыйраткан болду* (Байтемиров). *Жалжагай ооз, жар кабак, Жаалы катуу көрүндү* («Манас»).

ЖАЛЖАЙ *этиш.* Оозду чоң ачып күлүү. *Ал кезде мен да көзүмдү бажырайтып, мурдумду дердейтип, оозумду жалжайтып, жасалгалуу бешикте.. жайдары жашап жаткан чагым эле* («Ала-Тоо»).

ЖАЛЖАЙТ жалжай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЖАК *сын.* Кымтылбаган чоң ооздуу.

ЖАЛЖАКЕ *зат.* Жалжактаган, эси жок, обун таппаган киши.

ЖАЛЖАКТА *этиш.* Оозу жабылбай көп күлүү, ыржаңдап күлүп көп сүйлөө. *Кыш мезгили жердин бетин кар каптаган, Жоро ичти көөп өңкөй жалжактаган* (Турусбеков).

ЖАЛЖАҢДА жалжакта менен бирдей. *Хандын катыны жалжаңдаган акылы тайыз киши* («Жомоктор»).

ЖАЛЖАҢДАТ жалжаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЖАҢДОО жалжаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛЖЫЛДА *этиш.* Корккондо, өтүнүп суранганда, кубанганда көздүн карашы. *Жалжылдаган чолпон көзү, Сылык, элпек мүнөзү* (Аалы). *Жалжылдап көзүң жылдыздай, Чачтарың сонун кундуздай* (Бөкөнбаев). *Күлүп турат жаркылдап, Ачуусу келип калды деп, Аста сүйлөп жалжылдап* (Тоголок Молдо).

ЖАЛЖЫЛДАТ жалжылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЖЫЛДОО жалжылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛК *этиш.* Коркуп калуу, коркуп, чочуп ишенбей калуу, көңүлү тартпай калуу. *Анда баргандан жалкып калдым. Аликтин ачуулуу кишиден жалккан жайы бар* (Каимов).

ЖАЛКАЯК *сын.* Жылмакай, тунук муз. *Көк жалкаяк муз.*

ЖАЛКОО *сын.* Жумуштан, иштен качкан эринчээк, иштөөгө моюну жар бербеген. *Эркиң менен жумуш кыл «Эринчээк жалкоо дедирбей* (Токтогул). *Жалкоого шыятоо көп* (макал). *Иш тапшырба жалкоого, Акыл айтпа чалпоого* (макал).

ЖАЛКООЛОН *этиш.* **1. Жалкоолук кылуу, эринчээк болуу, иштөөгө моюну жар бербөө, иштегиси келбөө.** *Жалкоолонуп отуруп ишти да кеч калтырып койдук.*

2. Ыкчам, жандуу көрүнүштө болбоо, солгун тартуу. *Ошол түн жалкоолонуп оттор жанып, Тыныктык ар бир жакты койнуна алып* (Турусбеков). *Жаман чырак жалкоолонгондой күйүп турат* (Жантөшев).

ЖАЛКООЛОНУУ жалкоолон этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛКООЛУК *зат.* Жумуштан, иштен качкандык, эринчээктик, иштөөгө моюну жар бербегендик. *Жалкоолукту жек көрүп, Сүйбөгөн элди карачы!* (Токтогул). *Жалкоолукту жактырбаган, Эч ким карап турбаган* (Нуркамал).

ЖАЛКООТОЙ *сын.* Бир нерседен коркуп, көңүлү калуу, бир нерсени көп иштеп жадоо. *Атты башка чаап, жалкоотой кылды. Сен да жалкоотой болгон экенсиң* («Чалкан»).

ЖАЛКООТОЙЛУК *зат.* Бир нерседен коркуп, көңүлү калгандык, бир нерсени көп иштеп жадагандык, жалкоотой болгондук.

ЖАЛКОТОЙ жалкоотой менен бирдей.

ЖАЛКУУ жалк этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛКЫ *сын.* Жалгыз, бир гана, эгиз эмес. *Бакбурчунда бадыша, Бир атадан жалкымын* («Манас»). *Сен жалкы эмес, досторуң көп, Сен да борбуй көтөрсөң* (Бөкөнбаев). *Экинин туугану эгиз, иттики сегиз, арстандыкы жалкы, жалкы болмок кимдин наркы* (макал).

ЖАЛКЫН *зат.* Жазылык, кеңдик, эн. *Бүттүн жалкыны. Балтанын жалкыны. Ташбай топон себилген ылайды жалкыны этектей кетмен менен камырдай жууурат* (Сыдыкбеков).

ЖАЛКЫНДУУ *сын.* Жалкыны чоң, жазы, кең, эндүү. *Кээ бир күндөрү [Омор] жалкындуу кетменди курчута чыгып байламталарды оңдойт* (Сыдыкбеков).

ЖАЛКЫТ жалк этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛМА *этиш.* 1. Аймоо, жеп, бүтүп коюу. *Алдына салган саманды, Жалмап жеген торпогум* (Тоголок Молдо). *Чалабула бышырып, Жанга бербей жалмады* («Манас»).

2. Кырып-жоюу, жок кылуу. *Кагышканды кармаймын, Алышканды жалмаймын* («Эр Төштүк»). *Чоюн чокмор ойнотуп, Он экисин жалмады* («Манас»).

ЖАЛМАЛА *этиш.* Оозу менен, тили менен аймоо. [*Токтогул*].. *кычкыл максымды жалмалады* (Аалы). [*Музоо*].. *чийдин учун жалмалап турат* (Сыдыкбеков).

ЖАЛМАЛАТ жалмала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛМАЛОО жалмала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛМАҢДА *этиш.* 1. Тамакты көргөндө тынчсызданып жутунуу. *Түкөнө жага бербей, ай эми жеймин го дегенсип жалмаңдап [турду]. —Жээк уйдай жалмаңдабай койсоңорчу ой, ачыккан катындар* (Байтемиров).

2. *өт.* Мизи шылып түшө тургандай курч, өткүр көрүнүү. *Ак саптуу болот күрөгү, Жалмаңдайт мизи кылычтай* (Осмонкул).

ЖАЛМАҢДАТ жалмаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛМАҢДОО жалмаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛМАТ жалма этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛМОО жалма этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛОО жала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛООНДОЙ *сын.* Албан-субандай, жалмаңдаган, шамдагай. *Жалоондой мерген азамат, Жалгыз уйлуу, жалгыз ат* (Калык). *Ак калпактуу жалоондой беш жигит даяр боло калды* (Аалы).

ЖАЛООРУ *этиш.* Бирөөдөн жардам күткөндөй жалдырап, телмирип кароо, адамдын боору ооруганда абалда болуу. *Жалооруп ыйлап, бышактап, Сыздап турду Карагул* («Семетей»).

ЖАЛООРУТ жалоору этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛООРУУ жалоору этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛП: жалп этүү — кыйылган чөптөй кулап түшүү; дароо өчүү. *Так ошол учурда шамал тийип, чырак жалп эте түштү* (Байтемиров). *Жалп этип экөө аттан кулап түштү* (Жантөшев).

ЖАЛПАЙ *этиш.* Жалпак абалга келүү, былчыюу. *Жата бербей жалпайып, Минейин атка калтайып* («Манас»). *Ач көз жоо чакыртпастан өзү келген, Жалпаят танке басып таптагандай* (Үмөталиев).

ЖАЛПАЙТ жалпай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛПАК *сын.* Бийик эмес, туурасы эндүү, жалпайган абалда. *Алыбек..жалпак ташка көчүгүн коюп отура кетти* (Жантөшев). *Майланбаган жалпак үйгө жеткенде, Үруп чыкты кара күчүк торсулдап* (Аалы).

◆ **Жалпак тилге салуу** — бирөөнү алдоо максаты менен жакшылап, жасап сүйлөө, алдоо, азгыруу. *Арзыкул жалпак тилге салып, жайбаракат түшүндүрмөк болду* (Байтемиров).

ЖАЛПАКТА *этиш.* 1. Жалпак кылуу, жалпак абалга келтирүү.

2. *өт.* Жакшы көрүнүү үчүн бөйпүлдөө, жагынуу. *Жалпактап жанын сабап, [Түркүн чал Гулаңымга] жалынып-жалбарып ээрчий бастырды* (Бейшеналиев).

ЖАЛПАКТОО жалпакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛПАЛАКТА *этиш.* 1. Бирөөгө кичи пейилдик, жакшы көргөндүк менен мамиле кылуу.

2. *өт.* Бирөөгө көшөкөрлөнүү, кошомат кылып бөйпүлдөө.

ЖАЛПАЛАКТОО жалпалакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛПАКТЫК *зат.* Жалпак болгондук, жайыктык, тегиздик, түздүк; туурасы эндүүлүк.

ЖАЛПАЛАҢДА жалпалакта менен бирдей.

ЖАЛПАҢ: жалпаң-жалпаң этүү — эпилдеп кошомат кылуу, жагынуу.

ЖАЛПАҢДА *этиш.* Жалпаң-жалпаң этүү, кошомат кылып эпилдөө. *Көзүңдү көрүп калганда, Кур эле сырты жалпаңдайт* (Маликов). *Райондон Ашырбай, Төмөндөдү айылга. Жарбаң болсо жалпаңдап, Кала берди жайында* (Аалы).

ЖАЛПАҢДАТ жалпаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛПАҢДОО жалпаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛПАЮУ жалпай этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛПЫ *сын.* Бүткүл, бүт баары, бардыгы; бүт бардыгына тиешелүү. *Колхоздун жалпы кирешеси. Жалпы колхоз иштесе, Жатып алба жайма-жай* (Осмонкул).

ЖАЛПЫЙ *этиш.* Жалпаюу, жалпак абалга келүү, былчыюу.

ЖАЛПЫЙТ жалпый этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛПЫЛА *этиш.* Жамдоо, жалпы жыйынтык чыгаруу, корутундулоо, жалпыга бирдей кылуу, жалпыга орток кылуу.

ЖАЛПЫЛОО жалпыла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛПЫЛЫК *зат.* Жалпы болгондук, бири-бири менен байланышы, катышы бар болгондук, жалпы белгилери боюнча бирдиктүүлүк.

ЖАЛПЫЮУ жалпый этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТ I *туур.* Кыймыл-аракеттин тездигин, бир заматта өтүшүн көрсөтөт. *Чаргын үн чыккан жакка жалт карады* (Сыдыкбеков). *Карыя.. Шатенге жалт карады* (Аалы).

◇ **Жалт-жалт кароо** — чукулунан бурула кароо, бир нерсени же бир жакты тез кароо. *Мамбеткул жалт караса, Иманбай менен Карабек короонун ичинен чыгып келе жатат* (Каимов). *Атым жалт берип, жыгылып кала жаздадым. Жалт бурулуп кетүү.*

ЖАЛТ II: жалт-жулт *туур.* Жаркылдоо, бат-бат жарык болуп турган көрүнүш; жаркыраган сонун, кооз көрүнүш; *Жалт жулт этип нуру тегиз чачылды* (Осмонкул). *Кетмени гана күнгө чагылышып, жалт-жулт этет* (Сыдыкбеков). [*Метро*].. *каухардай болуп жалт-жулт этет* (Байтемиров).

ЖАЛТАЙЛА *этиш.* Жазгануу, чочулоо, коркуу, ийменүү. *Какелей жалгыз Сайрадан жалтайларын* [*Керез*] *билет* (Бейшеналиев). [*Настен*].. *куушурулуп жалтайлады* (Убукеев).

ЖАЛТАЙЛОО жалтайла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТАҢ *сын.* Жазганчаак, коркунчаак, ийменчээк, тартынчаак. *Барыктап баккан балдарым Майданда жалтак болбоду* (Бөкөнбаев). *Жалтак болор эр жигит, Өз колунда жок болуп Бирөөнүн көзүн караса* (Осмонкул). *Турмушта жалтак эле, коркок эле, Түгөнүп бүткөн өңдүү ырыскысы* (Нуркамал).

ЖАЛТАКТА *этиш.* Жазгануу, коркуу, ийменүү, тартынуу, жалтануу. *Жаш башы менен жалтактап, Жалкоолук кылган оңобу?!* (Осмонкул). *Аткан огуң тийсин так, Корко көрбө жалтактап!* (Үмөталиев). *Өзгө эмес, өз үйүндө жалтактап, Улагадан өтүп төргө баспаган* (Нуркамал).

ЖАЛТАКТАТ жалтакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛТАКТОО жалтакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТАКТЫК *зат.* Жалтак болгондук, коркоктук, ийменчээктик, тартынчаактык, жалтанчаактык. *Жалтактык кылып жан аяп, Суук тийди дебесмин* (Осмонов). [*Бекен*].. *улууну да, кичүүнү да сыйлайт, бирок жалтактыгы жок* (Каимов).

ЖАЛТАН *этиш.* Жазгануу, чочуп селт этүү, жалт берүү, жалтайлоо, тайманууу. [*Карып*].. *кокусунан бирөө менен тиктешип калса, ошол замат жалтана түшүп, тез-тез көзүн ирмеп жиберет* (Абдукаримов). *Колхозчулар Мамбеткулду жаңы көргөнсүшүп, жабыла тиктеп калышты. Мамбеткул көп көздөрдөн жалтанып жер карады* (Каимов).

ЖАЛТАНТ жалтан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛТАНУУ жалтан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТАНЧААК *сын.* Жазганчаак, коркунчаак, ийменчээк, тартынчаак; көп жалтана турган. *Жашык жүрөк жалтанчаак, Жаман болсок кырк жигит, Ошо жаныбызда ким калат?!* («Курманбек»). *Жалтанчаагын билген соң, Бала баатыр Курманбек Качырып кирди жана да* («Курманбек»).

ЖАЛТАҢ I *сын.* Жалт-жалт эткен, жалтылдаган, нур чагылган, жалкаяк. *Көк жалтаң муз. Тоң ашуусунун тескей бетин жайдыр-кыштыр көк жалтаң муз каптап турат* («Ала-Тоо»). *Ак зоонун башы ак жалтаң.*

ЖАЛТАҢ II *сын.* Чечкиндүү эмес, тартынчаак. *Жалтаң киши. Жүрөгү жок жалтаңдын Жакында иши курулбайт* (Токтогул).

ЖАЛТАҢДА *этиш.* Чечкиндүү эмес, жалтаң, тартынчаак болуу. *Айтканыңдан кайтпагын, Баштагыдай жалтаңдап* (Осмонкул). *Ар кимге бирдей жалтаңдайт, Адилет сөздөн тайсалдайт* («Чалкан»).

ЖАЛТАҢДАТ жалтаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛТАҢДОО жалтаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТЫЛДА *этиш.* Жарк-жарк, жалт-жалт этип көрүнүү, жалтыроо. *Бутундагы жалтылдаган жаңы көлөчү анын карапайым эместигин айтып турат* (Аалы). *Алтын менен күмүштөй Ар убакта жалтылдайт* (Токтогул).

ЖАЛТЫЛДАК *сын.* Жарк-жарк, жалт-жалт этип туруучу, жалтылдоочу, жаркылдоочу. *Күмүш кындуу кылыч илген жалтылдак, Ашым жүрөт кубанычтуу жалтылдап* (Аалы).

ЖАЛТЫЛДАТ жалтылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛТЫЛДОО жалтылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛТЫР *сын.* Жалкаяк, жалтыраган, жылмакай. *Жалтыр муз. Кышында балдар ойноого Күзгүдөй жалтыр муз кызык* (Осмонкул).

ЖАЛТЫРА *этиш.* Жаркыроо, жылтылдоо. *Кызыл аянт көз мелжип жалтырап музга окшойт* (Байтемиров). *Агарган кары, жалтыраган музу алыстан көздү уялтат* (Сыдыкбеков). *Ак панардай жалтырап, Көзүң келди, Токтогул* (Токтогул).

ЖАЛТЫРАК *сын.* Жаркырак; жаркылдак, жалтыраган, жалт-жалт эткен. *Баскан жерим муздай акак жалтырак, Көңүлүмө көп элестер калтырат* (Аалы).—*Биз азыр саякаттан кайттык!—деди Ашым пионерлерге. Жалтырак таштарды да алып келдик* (Сыдыкбеков).

◆ **Жалтырак канат** — жемиш бактарына зыян келтирүүчү көпөлөктүн бир түрү.

ЖАЛТЫРАТ жалтыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛТЫРОО жалтыра, этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛУУ *зат.* 1. Қокурайгандык, текеберденгендик, көздөн көтөргөндүк, куру дымак көтөргөндүк. *Жакшыда жалуу жок, жаманда кайуу жок* (макал). *Жапаалы, Карач шер келди, Жалуу катуу ал келди* («Манас»).

2. *өт.* Тилек, үмүт максат. *Жан жалуум айтайын.*

ЖАЛЧЫ I *зат.* Жалданып иштеген киши, малай. *Кутулар күнүм болобу, Куу тумшук башым жалчыдан* (Осмонкул). *Чынарбай жардыдан жалчы салып, акысын бербейт* («Жомоктор»).

ЖАЛЧЫ II *этиш.* Жарытылуу бир нерсеге жетишүү, кенелип, жетишип калуу. *Жарты нан берди, жеп койдум: Жалчыба байым! — деп койдум* (Барпы). *Бөзчү бөзгө жалчыбайт* (макал).

ЖАЛЧЫЛЫК *зат.* Жалчы болгондук, жалданып иштөөчүлүк, малай жүргөндүк. *Жалчылыкка мени ал деп, Жалдырап кедей ыйлаган* (Жалык). *Жалчылык менен коштошуп, Балам, жаңыдан быйыл дошодуң* (Токтогул). *Жалдырап жаман тил укkан Жалчылык качан жок болот* («Кедейкан»).

ЖАЛЧУУ жалчы этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛЧЫТ жалчы этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЫЙНА *зат. сүйл.* Кызмат акы, эмгек акы. *Эки айлык жалыйна көп акча экен* (Бейшеналиев). — *Оо, мына, жалыйна жебесе да, апасына белек алып келген тура* (Ташпемиров).

ЖАЛЫН I *зат.* 1. Күйүп жаткан нерсенин үстүнө көтөрүлгөн алоо. *Көк-Жаңгактын көмүрүнүн табы да күчтүү, жалыны да узун* (Сыдыкбеков). *Көрүк үйлөгөн таш көмүрдүн көгүш жалыны ого бетер алоолонот* (Абдукаримов).

2. *өт.* Демилге, кызуулук, эпкиндүүлүк. *Октябрдын жалынынан төрөлгөн, Жаңы кыргыз өнүп, өсүп көгөргөн* (Аалы). [*Эненин*]..*көздөрү да жалынын жоготуп тунара түшүптүр* (Байтемиров).

3. *өт.* Қайгы, капа, күйүт. *Курбуга түшөт жалын чок, Курдашынан айрылса* (Үсөнбаев). *Умутум үзбөй жүрөмүн, Ичим жалын, тышым чок* («Эр Табылды»).

ЖАЛЫН II *этиш.* Жалбаруу, жандили менен абдан сурануу, абдан өтүнүү. *Уу тырмактуу беш канкор, Өлтүрсөң да жалынбайм!* (Токтогул). [*Жылдызкан*].. *энесине жалынып, жалбарып, мойнунан кучактап, өпкүлөй баштады* (Байтемиров). *Жакшыга жалынса, жан калат; жаманга жалынса, бир кашык кан калат* (пылакап).

ЖАЛЫНДА *этиш.* 1. Алоолонуп, балбылдап күйүү, жалын чыгарып күйүү. *От аралаш көк түтүн Асманды карай жалындап* (Қалык).

2. *өт.* Қандайдыр бир окуянын, кырдаалдын күчөп, катуулашы. *Алымкул 1916-жылдын жалындаган августа айында келген* (Абдукаримов). *Эми Октябрь жалындаган кезегиң, Жашасын деп Улуу Ата Мекеним* (Тоголок Молдо). *Дүйнөлүк биринчи согуш жалындап турган кези* (Сасыкбаев).

3. *өт.* Күчү толуу, баралына келүү, кайраты ашуу. *Жалындап күйүп турган өрттөй жаштар чарчаганды билеби?* (Жантөшев). *Эгерде жетекчи өзү жалындап турса.. анда ал адамдарды да өзүнүн артынан ээрчите алат* («Советтик Кыргызстан»).

4. *өт.* Бир нерсеге ыза болуу, ичи күйүү, кыжыры кайноо. *Унчукпай сөз тыңшап жалын Мамбет, Жалындап ичи күйбөй анан кантет* (Жантөшев). *Ойлосок ич жалындайт өткөн күндү, Тамчылап жалчы каны аккан түндү* (Бөкөнбаев).

◆ **Эти жалындоо**—ооруганда эти ысуу, температурасы жогорулоо. [*Капитандын*]. *эти жалындап, беттери албырып, көздөрү кылгырган* (Жантөшев).

ЖАЛЫНДАТ жалында этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЫНДОО жалында этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛЫНДУУ *сын.* 1. Жалыны бар, алоолонгон. *Жалындуу жанган оттойбуз, Биз душмандан коркпойбуз* (Барпы).

2. *өт.* Күчү толгон, баралына келген, кайраты ашкан, жигерлүү. *Так ушул замандын балдары жалындуу өссүн!* (Сыдыкбеков). *Жалындуу жаштык доору кандай!* (Жантөшев).

3. *өт.* Адамдын делебесин козгогон, бүйүрүн кызыткан, бир нерсеге шыктандырган. *Жашасын тынчтык туусу деп, Жалындуу сөздөр айтылар* (Нуркамал) [*Темиркул*].. *Коммунисттик партиянын ишине жан-дили менен берилген жалындуу акын* («Ала-Тоо»). *Советтик адам—социалисттик Ата мекендин жалындуу патриоту* («Коммунист»).

ЖАЛЫНТ жалын этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЛЫНУУ жалын этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЛЫНЫЧ *зат.* Абдан зор өтүнүч, суроо. *Керез Сайранын жалынычына.. эрип кетти* (Бейшеналиев). *Динардын ызалуу жүзүнө чоң эне .. жалыныч менен карады* (Сыдыкбеков).

ЖАЛЫНЫЧТУУ *сын.* Абдан зор өтүнүчтүү, жалынган, жалбарган түрдө. *Кебек жалынычтуу көз менен Салыйга карады* (Жантөшев).

ЖАМ *ат.* Бардык, бүткүл. *Азамат эрлер жам болуп, Буйткага туруп калуучу* (Тоголок Молдо). *Кыргыздын баары жам болуп, Кылганы журтка дан болуп* («Эр Табылды»). *Жам букара бирикти* (Токтогул).

◆ **Күм-жам болуу** *к.* **күм.**

ЖАМА *этиш.* 1. Жыртыкты тигүү, жыртылган жерге жамаачы салып тигүү, жамаачылоо. *Алымкул жамап жаткан чарыгын жерге коюп,.. атасына жакын басып келди* (Абдукаримов). *Жыртылып тонум сан бөлөк, Шоона менен жамадым* (Каралаев).

2. *өт.* Сөздү уйкаштырып, кыйыштырып айтуу. *Ылайыктуу болсун деп, Ыр менен кошуп жамадым* (Токтогул). *Келиштирип кеп менен, Жамап айтам Койкөзгө* (Тоголок Молдо).

ЖАМААТ *зат.* Эл-журт, коомчулук, көпчүлүк. *Бей-бечаралардын... керектерин камсыз кылуу жөнүндө кантип эле ушундай жетекчилери бар жамаат унутулуп калсын* (Абдукаримов). *Калмак менен бирге өскөн Кара кыргыз жамааты* («Жазгыч акындар»).

ЖАМААТТАШ I *сын.* Бир коомдош, бир багытта биргелешип аракет кылган. *Реакциячыл адабий агымдарга жамаатташ болгон символисттер* («Советтик Кыргызстан»). *Бул жерлер аздык кылгандыктан, [Кайназар] өзүнө жамаатташ кедейлердин жеринен дагы бир канча жер алган* (Жантөшев).

ЖАМААТТАШ II *этиш.* Бир коомго кошулуу, биригишип уюшуу.

ЖАМААТТАШТЫК *зат.* Бир коомдо болгондук бир багытта биргелешип аракет кылгандык.

ЖАМААТТАШУУ жамаатташ этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМААЧЫ *зат.* Жыртылган жердин үстүнө бастырып тигилүүчү жамак, жамала турган материал. *Жамаачысы андаалап жүргөн жеңинин учу менен бечара эне көзүн сүртүндү* (Касымбеков). *Жумасына бир жолу берген жалгыз дилдең менин үстүмдөгү жаман тонго жамаачы болбойт* («Жомоктор»).

ЖАМААЧЫЛА *этиш.* Жамаачы салып жамоо. *Кийимди жамаачылап кийүү.*

ЖАМААЧЫЛАТ жамаачыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМААЧЫЛОО жамаачыла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМААЧЫЛУУ *сын.* Жамаачысы бар, жамаачы салып жамалган. *Ал жамынып олтурган жамаачылуу сары тонунун жакасынан кежигесин кашып койду* (Аалы). *Кадыр жамаачылуу жаман бешмантынын этегин кагына ордунан турду* (Жантөшев).

ЖАМАЖАЙ *зат.* Ооздун кычыктары. *Шалпайып түтөгөн папиросу жамажайына жабышып турат* (Сасыкбаев). *Кайрат.. эрдин жалжайта жамажайын чоюп, күлүмсүрөп тигиле кайрылды* (Бейшеналиев).

ЖАМАК 1. жамаачы менен бирдей. 2. Акындык чыгармачылыктын бир түрү. *Алты жыл айтсам түгөнбөйт, Кызыл тилде жамагым* (Токтогул). *Анчамынча жамак сөз Акылыма киргенде* (Тоголок Молдо).

ЖАМАКТА *этиш.* 1. Жамаачы салып жамоо, жамаачылоо.

2. Сөздөрдү уйкаштырып, кыйыштырып айтуу. *Жамгырдай төгүп ырымды, Жамактап айтып берейин* (Токтогул).

ЖАМАКТАТ жамакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМАКТУУ *сын.* Жамагы бар, жамалган, жамаачылуу. *Желкемде кырк жамактуу жыртык чапан, Жүдөөлүктүн айынан мойнум салам* (Барпы).

ЖАМАКЧЫ *зат.* 1. Жамоочу, жыртык-тешикти жамап туруучу (мис., өтүктү).

2. Уйкаштырып, кыйыштырып айтуучу, акындык өнөрү бар киши. *Акынбы калам тартып кагаз жазган, Акынбы жамакчыдай сөздү тапкан* («Советтик Кыргызстан»). *Бир жамакчы шахтер Ашырды ырга да коштү* (Сасыкбаев). *Ырчы болсоң, ырас айт, Жамакчы болсоң, жамап айт* (Тоголок Молдо).

ЖАМАЛ I *зат.* Ыраң, ирең, түс, ырай, көрк, жүз, ажар. *Жактырам жалгыз сени көп ичинен, Жамалың таасир берди курч көзүмө* (Нуркамал). *Жаштыгың жайдын күнүндөй, Жамалың шайы түрүндөй* (Осмонкул). *Жамалыңа эч кими тойбос деймин, Мырзайым!* (Барпы).

ЖАМАЛ II жама этишинин туюк мамилеси.

ЖАМАН *сын.* 1. Ойдогудай эмес, жараксыз, таламга жооп бере албаган, жарактуу сапаттарга ээ боло албаган, начар. *Беш тактайдан эптеп койгон жаман эшик.. күнгө какшып араң турат* (Сыдыкбеков). *Жаман киши курусун, эчтеменин эбин таба албайт* («Чалкан»). *Койчунун самсаалаган катар-катар Өрттөлдү көк дөбөдө жаман таары* (Бөкөнбаев).

2. Абдан, катуу, өтө, эң эле. *Жаман чоң. Ачуусу жаман.*

3. *сүйл.* Баланы (көбүнчө эркек баланы) эркелеткен мааниде айтылуучу сөз. *Жаман уулуң кымызды сагынып калыптыр* (Сыдыкбеков). *Бир жаманым бар.*

◆ **Жаман-жакшы** — ар кандай, аркыберки. *Аркы-берки, жаман-жакшы сөздөрдү билгендеринче айтышты* (Жантөшев).

ЖАМАНАТТЫ *сын.* Жаман атка конгон; жаман жагы көп айтылган, жамандаган сөзгө калган. *Асанкулду ушул иш менен жаманатты кылалы деди* (Убукеев).

ЖАМАНДА *этиш.* Ушактоо, жалаа сөздөр айтуу, жаман көрсөтүү, жаманатты

кылуу максатында ушак сөздөр айтуу. *—Балам, кой, бирөөнү жамандаган болбойт* (Байтемиров). *Аны жамандап эмне кереги бар* (Аалы).

ЖАМАНДАТ жаманда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМАНДОО жаманда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМАНДЫК *зат.* Кыянаттык, тоскоолдук, кара ниеттик; кырсык, өлүм. *Токтор аксакал өмүрүндө бирөөгө жамандык кылып көргөн эмес* (Абдукаримов). *Уруя ага жамандыкты ыраа көрбөйт* (Байтемиров). *Керээз жетим көрбөгөн жамандык калбады* (Токтогул). *Эми балдардын жамандыгын көзүм көрбөсүн.. дейт* [*чоң эне*] (Сыдыкбеков).

ЖАМАНСЫНТ *этиш.* Кемсинтүү, начар, жаман деп эсептөө, өзүнөн төмөн көрүү.

ЖАМАНСЫНТУУ жамансынт этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМАНСЫТ жамансынт менен бирдей.

ЖАМАТ жама этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМАШ I жама этишинин кош мамилеси.

ЖАМБАШ *зат.* 1. Адамдын, айбандардын арткы бутунун куймулчак менен туташкан эки башы, жалпак сөөгү; он эки мүчөнүн бирөө. *Койдун жамбашы. Оң жаккы кашка жилиги жамбаштан тайып калыптыр.* («Советтик Кыргызстан»). *Куймулчак, жамбаш ашташы, Толгон деймин сары суу* («Манас»).

2. Каптал, бир жак ыпта, дененин бир жак жаны. *Курсагы тоюп турса, жамбашынан сыз өтпөсө, кой жарыктык кыштын суугуна да моюн бербейт* (Убукеев). *Сапар.. Шарипти жамбаш талаштыра бир тепти* (Бейшеналиев).

ЖАМБАШТА *этиш.* Бир жамбашы менен жатуу, бир жак капталына кыйшая отуруу. *Жаздыкты чыканактап, жамбаштап жаткан.. Омор Бермет жакка карады* (Сыдыкбеков). [*Мурат*].. *аттарды жайдактаар замат, көк шиберге жамбаштап жата кетти* (Байтемиров). [*Токобай*].. *ойлуу жана кайгылуу кейип менен шалдайып жамбаштап жатты* (Каимов).

ЖАМБАШТАТ жамбашта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМБАШТОО жамбашта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМБЫ *зат.* Ар түрдүү формада жана ар кандай салмакта уютулган, илгерки заманда акча ордуна жүргөн күмүш. *Бөйрөк жамбы. Туяк жамбы. Байбиче, эми көп таарынбай сандыгыңан бир жамбы алып чыкчы* (Турусбеков). *Көкөтөйдүн көнөктөй болгон чоң жамбы, Манаска тартуу бергени* («Манас»).

◆ **Жамбы атуу** — бийик илип коюлган жамбыны атып түшүрүүчү байгенин бир түрү. *Мергендер жамбы атышат* (Сыдыкбеков). *Ок-дарыны калың ал, Ашта жамбы атабыз* («Эр Табылды»).

ЖАМБЫЛЫК *сын.* 1. Жамбы менен бааланган.

2. *өт.* Абдан баалуу, кымбат. *Ал Мариям—Бүгүн башчы — Айткан сөзү жамбылык!* (Бөкөнбаев).

ЖАМГАР *этиш.* Иретке салуу, иреттөө, жыйыштыруу, жайгаштыруу. *Адабият, жамгарып, Элиме бердим көп белек* (Тоголок Молдо). *Оокатыңды жамгарып Жай олтурып үгүп ал!* (Токтогул).

ЖАМГАРУУ жамгар этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМГЫР *зат.* Суу тамчысы түрүндө түшүүчү жаан. *Жамгыр жаап турат. Фабрикага жеткенде жамгыр төгүп жиберди* (Сасыкбаев). *Таң атарда жамгыр басылды* (Жантөшев).

◆ **Кара жамгыр**—чоң-чоң тамчы болуп, шатыратып катуу жаган жамгыр. *Жазгы кара жамгырдай төгүлгөн* (Токтогул). *Кара жамгыр дабырап, Куюп турду асмандан, Ачып кеткен ороого Комчонтой кирди шашкандан* (Тоголок Молдо).

ЖАМГЫРДУУ *сын.* Жамгыр болуп турган, жаанчыл, жамгыр көп жааган. *Жамгырдуу жаздын күндөрү* (Маликов).

ЖАМДА *этиш.* 1. Жыйнактоо, жыйынтыктоо, жалпылоо, корутундулоо. *Сен жарагың болсо жамдап чык, Жасооңду бөлүп камдап чык* («Эр Табылды»).

2. Бир ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу. *Кыйкырыксүрөөн укканда, Көтөрүп уруп жамдаса, Балбандын көркү билекте* («Мендирман»).

ЖАМДАЛ жамда этишинин туюк мамилеси.

ЖАМДАШ жамда этишинин кош мамилеси.

ЖАМДОО жамда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМОО жама этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМПА *кат.* Уйдун тезеги, тегерек жана жалпак жайылган тезек, кык. *Жампанын чогуна лапылдап ысыган мештин бөйрөгү кып-кызыл* (Байтемиров).

ЖАМПАЙ *этиш.* Оон, жамбаштап жатуу, кыйшайып, жалпайып калуу.

ЖАМПАЙТ жампай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМПАЮУ жампай этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМШЫЙ *этиш.* Бир жагына кыйшайып калуу, майышып калуу. *Жаагы жамшыйды.*

ЖАМШЫЙТ жамшый этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМШЫЮУ жамшый этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМЫ *такт.* Бардыгы, баары. *Ульянов Ленин Жамы журтка керегим* («Жазгыч акындар»). *Каныша каза тапканда, Кайгырдык ыйлап жамыбыз!* («Мендирман»)

ЖАМЫН *этиш.* 1. Үстүнө бир нерсени жабуу. *Токобай чепкенин желбегей жамынып эшикке чыкты* (Каимов). *Жуурканын чүмкөнө жамынып балдар уйкуга кетишти* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге жашынуу, калкалануу, далдасында калуу. *Түн жамынып кет. Сай жамынып кач. Түн жамынып жөнөштү, Кой-козулар чуркурап* («Семетей»).

◆ **Чым жамынуу** — өлүү, каза табуу. *Унутпа деп айткызармын Чым жамынып калбасам* (Аалы).

ЖАМЫНТ жамын этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМЫНУУ жамын этишинин кыймыл атоочу.

ЖАМЫНЧЫ *зат.* Жамына турган нерсе, жамынып жатууга арналган нерсе, жабылган нерсе. [*Бүбүш*] *чарага жапкан жамынчыны сыйрып таштады* («Ала-Тоо»). *Көк жамынчы кементай, Бөктөрүнчөк бөктөрүп* (Тоголок Молдо).

ЖАМЫРА *этиш.* Көп нерсенин бытырап тарашы, жайылуу, быжырап жайноо; жабыла бет алуу. *Арык жээгине жамырап чыккан көк алда кандай сонун көрүнөт* («Жаш ленинчи»). *Жарышып ойноп маарашып, Жамырап козу-улагы* (Осмонкул). *Аңгыча жоон топ жапайы өрдөк каркылдап келип төмөнүрөөк жамырап конот* («Ала-Тоо»).

ЖАМЫРАТ жамыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАМЫРОО жамыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАН I *зат.* 1. Диний түшүнүк боюнча: денеден тышкары жашаган жана психикалык процесстерди башкаруучу, материалдык эмес негиз, тирүүлүктүн белгиси. *Зуннахундун өлбөгөн жаны гана калган* (Жантөшев). *Жаны өз ордуна келгендей болот* (Байтемиров).

2. Киши, адам. *Көчөдө кыбыраган бир да жан жок* (Абдукаримов). *Эстүү жансың, жеңекеңди уят кылба!* (Сыдыкбеков).

◆ **Жан багуу** — керт башынын гана камын көрүү, эптеп күн көрүү, кыйналып иш кылбоо. *Жалкоо болуп жан багып, Үйүндө уктап керилген, Жан багар жалкоо эшек бар, Жашынып жүргөн кезек бар* (Тоголок Молдо). **Арак жан** — алсыз, начар, чабал. *Арак жан үнү менен саал козголуп койду* (Аалы). **Жан кирүү**— тирилүү; кыймыл-аракетке келүү. *Жан кирип өлүк жаткан боз талаага, Ыр ырдап темир өгүз жерди челген* (Абдыраманов). *Бир келсе бири кетип теримчилер, Жан кирет кең кырманга таң атпастан* (Абдыраманов). **Жан соога** — 1) хан, падыша өңдүү монархтар бирөөнү өлүм жазасына буюрганда, ал адамды тирүү алып калуу өтүнүчү. [*Ханым*] *жан соога, —дешти эл чуулдап* («Жомоктор»). *Жан соога, ханым, жан соога, Жалпы журтка бир соога* («Эр Табылды»): 2) кандайдыр бир коркунучтан качуу, жан далбаса кылуу. *Мына бул жер Отор кылып алган жер! Ушул кыргыз — Жан соогалап качкан эл...* (Турусбеков). **Жан сактоо** — оокат-тиричилик кылуу, жашоо, күн көрүү. *Ар-намысыңды сактап, адамгерчилигиң менен жан сакта* (Жантөшев). *Чалкалмак — эл чабуу, жер басып алуу менен жан сактаган неме* («Эр Табылды»). **Жан деп** — кубанып, сүйүнүп. *Жибересек барат эә? — Жан деп барбайбы* (Байтемиров). **Жан далбаса кылуу** — жан талашуу, кандайдыр бир коркунучтан кутулуу жолун издөө. *Сайгактан жан далбаса кыл ын кээ бир уйлар.. көлөкө издөдө* (Бейшеналиев). **Жан талашуу** *к.* **талаш II. Жан алгыч** — 1) азирейил, өлгөн адамдын жанын алуучу периште; 2) эзүүчүлөр, бай-манаптар. *Кыргызды жан алгычтар далай эзген, Заардуу тил, ажал огу көкөй кескен* (Турусбеков). **Жаны көзүнө көрүнүү** — бир жери катуу ооруп абдан кыйналуу. *Ысак молдо бир топко чейин өзүнүн кыйналып, жаны көзүнө көрүнүп жатканын айтты* (Абдукаримов). **Жан кечти** — ар кандай жамандыктан баш тартпаган, жандан безген шум адам. *Чын болсо да жан кечти Чыдай берет касамга* (Токтогул). **Жандан кечүү** — кандайдыр бир максатка өзүнүн керт башын курман кылуу, өлүмгө баруу. *Эл үчүн жандан кечип, эл бактысын, Душманды чеңгелинен алат тартып* (Аалы). **Жан-дили менен** — абдан берилип, ынтасын коюп, чын жүрөктөн, бардык күчүн жумшап. *Акиянын кебин толкундап уккан Дмитрий жан-дили менен кубаттай берди* (Сыдыкбеков). [*Данияр*] *кандайдыр бир перселерди тыңшап, ошого жан-дили менен кулак салып отурган өңдүү туюлат* (Айтматов). **Жан чыгуу** — коркуу, жүрөгү түшүү. *Убакыт өткөн сайын Акынжандын жаны чыгып, жолукпай калуу коркунучунда* (Байтемиров). **Жаны ачуу** *к.* **ачы. Жаны жай албоо** — тынымсыз аракетте болуу, тынбай иштөө. *—Баштаган ишти аягына чыгармайынча жаным жай албайт— деди Ашым* (Каимов). *Жанымды жай алдыргыла менин да. Чарчап кеттим* (Бейшеналиев). **Жан-алы калбоо** —шашкалактоо, алынын бардыгынча аракет кылуу. *Айланага дүрбү салып байкаган Косолапов жан-алы калбай жүгүрүп келди* (Жантөшев). *Жан-алы калбай Алымкул чуркап, аябай сүйүнүп кетти* (Абдукаримов). **Жан алакетке түшүү** — бир нерсеге аянбай катуу киришүү. [*Студенттер*] *жан алакетке түшүшүп, чиймелеп калган болушат* (Бейшеналиев). [*Бекиш*] *жан алакетке түшүп мурдагыдан бетер катуу иштеди* (Байтемиров). **Жаны жер тартуу** — аябай чарчап, чаалыкканда, шайы оогондо жатып эс алууну, жанын сеп алдырууну эңсөө, жаткысы келүү. *Буттарым да ооруйт, жаным жер тартат* (Каимов). [*Нурбүбүнүн*] *жаны жер тартып, төшөккө башы тиери менен уйкуга кетти* («Ала-Тоо»). **Жаны-маны калбоо**—алынын бардыгынча, күчүнүн бардыгынча, аянбай. [*Эркек кыз*] *дагы жаны-маны калбай терсе да арбыта албайт* (Байтемиров). **Жан тартуу** — жактоо, колдоо. *Бу да Садыкка жан тартат окшойт* (Байтемиров). **Кара жанын карч уруу** *к.* **карч II. Жан кулактын учунда** — кандайдыр бир коркунуч түшүп, үрөйү учуу, корккончунан саңаасы жайында болбоо. **Жаны тынбоо**— бекер жүрбөө, ишсиз отурбоо. *Демейде кирип-чыгып жаны тынбаган, Жылдызкан да үйгө бирөө байлап койгондой дарексиз* (Байтемиров). **Жан-жаныбар**— жер жүзүндө жашаган курт-кумурска,

айбанаттар, канаттуулар. *Жаркыраган жаз келип, Жан-жаныбар төлдөгөн* (Тоголок Молдо). *Жан-жаныбарлардын кандай түрлөрү бар?* (Сыдыкбеков). **Жанга батуу** — бир нерсенин запкысын тартуу, абдан кыйналуу. *Самтыркандын ушагы [эненин] да жанына батты* (Байтемиров). *Жанына баткан экинчи мүшкүлдүн жайын айтчы* (Сасыкбаев). **Жанындай көрүү** — абдан жакшы көрүү. *Сизди Жылдызкан жанындай көрсө керек* (Байтемиров). **Жанга теңебөө** — өзүн башкалардын баарынан жогору баалап, бой көтөрүү. *Самтыркан өзүн деле жанга теңебейт* (Байтемиров). **Жаны калбоо** — 1) абдан коркуп кетүү. *—Ох! Ошондой десең. Жаным да калган жок* (Байтемиров); 2) жакшы көрүү, жакшы мамиле кылуу, сүйүнүү. **Жандан түңүлүү** — өлгөн экенмин деп ойлоо. *Аны көргөн кырк бала Өлдүк деп жандан түңүлүп* («Манас»). **Жан берүү** 1) өлүү, жаны чыгуу; 2) касам ичүү. *— Менин билбегеним ырас, актыгым үчүн жан бер десең жан берем* (Байтемиров). **Жан бакты** — өзүн кыйнабай, эмгектен качып тынчтык издеген.

ЖАН II *зат.* 1. Дененин ийинден жамбашка чейинки оң же сол тарабы, капталы. *Атым бар деп аябай, Жанын чабат балалык. Шакылдата үргулап, Санын чабат балалык* (Токтогул). *Чоң кисе жанда шалпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»). *Ар кимиси жанына Добулбасын байлаган* («Курманбек»).

2. Буюм, акча ж. б. нерсе өзүндө (мис., чөнтөгүндө) болгондук. *Жанынан төлөдү. Жанымда жок.*

3. Жакын жер, жакын аралык *Шаардын жаны. Үйдүн жанынан бастырып өтүү. Жанымда олтурган келин жылмайып терс карай берди* (Жантөшев).

◆ **Жанга басуу** — башка бирөөнүн акчасын, мал-мүлкүн өзүнүкү кылып алуу, ээлеп алуу. **Жан-жөкөр** — жолдош, бирге жүргөн теңтуш. *Жайлообайдын жана анын жан-жөкөрлөрүнүн уучуулары күчөгөндөн күчөп, айыл ичине жайыла баштады* («Чалкан»).

ЖАН III *этиш.* 1. Өрүлгөн, эшилген же бүктөлгөн нерсе жазылып кетүү. *Жиптин ушу жанды. Бүктөөсү жанбаган ак шым* (Сыдыкбеков).

2. Тароо, жоголуу. *Шишик жанды. Катуу баскан кара шишик азыр дагы жумшай элек* (Жантөшев).

3. Айтканынан кайтуу, убадасында турбоо; кайрылып мурдагы абалына келүү. *Ниязкул өзүнүн сөзүнөн өлсө жанбаган адам* (Абдумомунов).)

ЖАН IV *этиш.* 1. Тутануу, күйүү. *Бүлбүлдөгөн от жанат* (Бөкөнбаев).

ЖАНА I *байл.* Сүйлөм мүчөлөрүн жана сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырат.

ЖАНА II *такт.* Дагы. *Жана да Бактыбек деп ардактаган, Момун бар кой оозунан чөп албаган* (Осмонов). *Жана кызык мунум бар, Төштүк төрөм үгүп ал!* («Эр Төштүк»).

ЖАНА III *такт.* Мындан бир аз мурда, бая. *Оштон жана эле келдим* (Абдукаримов). *[Акман] атына минип алып, сууга кеткен жана* (Сыдыкбеков).

ЖАНАГЫ *сын.* Жанараактагы, жанарааста болгон, алиги. *Арзыкул жанагы сөзүн дагы бекемдеди* (Байтемиров). *Жанагы Жапек эмне кечикти?* (Жантөшев).

ЖАНАЗА *зат.* Өлгөн адамды бейитке алып кетерде сыртка алып чыгып окуган намаз.

ЖАНАТ *зат.* Күрөң сары түстөгү кымбат терилүү ак жана ошол аңдын териси. *Жанаттан ичик кылайын, Жакасын кундуз кынайын* (Токтогул). *Кайырма жака жанатын желбегей тартып жамынып* («Саринжи—Бөкөй»).

ЖАНАТАН *такт.* Баятан, мурдараак, буга чейин. *Жанатан бери кыжырланып отурган Шабыраалы мунгандай болуп калды* (Байтемиров). *Жанатан берки капам кетти* («Эмгек азаматтары»).

ЖАНАШ *этиш.* Жанына катар туруу, жанаша туруу. *Күлүктөр бир-бирине жанашып, экөө катар келатышты* («Ала-Тоо»).

ЖАНАША *такт.* Катар, абдан жакын. *Тообай кыт-кыт күлүп, аппак сакал карыяга жанаша отурду* (Абдумомунов). *Эки райондун малчылары жанаша конушуптур* (Қаимов).

ЖАНАШТЫР **жанаш** этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАНАШУУ **жанаш** этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНДА *этиш.* 1. Жакындап жанына баруу, жанында, капталында жүрүү. *Жашыл вагон келгенде, Жандап барып караймын* (Маликов). *Жандай түшүп Курманбек Казкараны кармады* («Курманбек»).

2. Бирге болуу, бир жүрүү, жакын мамиледе болуу. *Былтыр эле ушул чырактай кызды жандап көл бойлоп баскан элең* (Сыдыкбеков). *Ак куудай басып толгонуп, Жандаган жакшы жеңеси* («Саринжи—Бөкөй»).

3. Жагынуу, кошомат кылуу, кошомат кылып жакындоо, бирге жүрүү. *Эшенкалпа дагы бар Бай-манапты жандашкан* (Токтогул).

ЖАНДАМА *зат.* Бычактын кынын курга бекитип турган кайыш.

ЖАНДАН *этиш.* 1. Кыймыл-аракетке келүү; тирилүү; жан кирүү. *Улак жандана түштү* (Бейшеналиев). *[Курт-кумурскалар] жазында кайтадан жанданышты.*

2. Кыймыл-аракет көбөйүп, көңүлдүү болуу; мурдагы тынч, кыймылсыз абалынан козголуп, иш күчөө, өнүгүү. *Ашырдын келиши менен Кен Советиндегилер жанданышты* (Сасыкбаев). *Жайлоонун бети жанданып, Малдарга толгон кез үшул* (Бөкөнбаев).

ЖАНДАНДЫР **жандан** этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАНДАНУУ **жандан** этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНДАР *зат.* Тирүү жан.

ЖАНДАРМА *зат. эс.* Жандармерия кызматкери. *Жандарма, төрө залимдер Жаралган менин шорума* (Токтогул). *Айланасын курчап алган Жандармалар топтогон* (Бөкөнбаев).

ЖАНДАРМЕРИЯ *зат.* Падышалык Россиядагы жана кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдөгү революциячыл кыймылга каршы күрөшүү үчүн аскер тартибинде уюштурулган мамлекеттик полициянын отряддары.

ЖАНДАТ 1. жанда этишинин аркылуу мамилеси.

2. Бир нерсенин четин чыгарып, кыйытып айтуу, каңкуулап айтуу. *Өзү түшүнөр дегенсип жандатып койду* (Сыдыкбеков).

ЖАНДАТМА *сын.* Жандата, кыйытып, каңкуулап айтылуучу. [*Темиров*] *суроону тике бербей жандатмага салды* (Жантөшев). *Ушундай жандатма суроону берди да, Абсамат Күкүнү карап койду* (Таштемиров).

ЖАНДАТУУ жандат этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНДИМИ *зат.* Көрүп-билип турса да, көргөн жокмун, билген жокмун деп жанын сабап тануучу. *Жандими жансыз айгак бар, Жан бергенден тартынбайт* (Тоголок Молдо). *Андай жандими жүзү каралар уялабы?* (Жантөшев).

ЖАНДОО жанда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНДООЧ *зат.* Белгилүү жөндөмөлөрдө турган атооч жана атоочтук сөздөрдү жандап, алардын сүйлөмдө башка сөздөр менен болгон синтаксистик байланышын, мамилесин билгизүүчү кызматчы сөздөр (мисалы: сайын, соң, дейре, чейин, үчүн ж. б.).

ЖАНДООЧУ *зат.* Коштоочу., жандап жүрүүчү; кыз куумай оюнунда кызды же жигитти коштоп, жанында жүргөн келин же жигит.

ЖАНДУУ *сын.* 1. Жаны бар, тирүү. *Булут, чоң энең айткандай тукумдап, узак жашоочу жандуу жаратылыш эмес* (Сыдыкбеков). *Даниярдын үстүндөгү зор кара ала кап жандуу немедей аны тең-селтип жатты* (Айтматов).

2. Кыймыл-аракеттүү, кызуу жүрүп жаткан, көңүлдүү. *Жандуу кыймыл башталып, Жашарды тегиз жер бети* (Осмонкул).

◆ **Ачкыл жандуу** — кымыз, бозо, максым, айран өндүү ачкыл суусунду жакшы көргөн адам. *Атасы Манас жашынан, Ачкыл жандуу болучу* («Семетей»). *Ачкыл жандуу киши экен* («Эр Табылды»).

ЖАНДЫК 1. *зат.* Жан-жаныбар. *Шумдуктуу асыл жандыктар Жеринде жайлап кубулса* («Мендирман»). *Бардык жандык жарык үчүн күрөшөт* (Аалы). *Бар жандык быж-быж, Кайнашып кыжкыж, Базары жаздын кызыган* (Элебаев).

2. Майда мал (кой, эчки). *Бир азыраак жандыгы Жайылгансып жүрчү эле* (Тоголок Молдо). *Азыр деле анча кедей эмесмин, Жүздөй жандык, ондон артык кара бар* (Аалы).

ЖАНДЫР жан этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЖАНДЫРМАК *зат.* Табышмактын жообу, чечилиши. *Табышмакка жандырмак. Бул табышмактын жандырмагын экинчи беттен карагыла* («Чалкан»). *Табышмактын жандырмагы мына ушунда* (Жантөшев).

ЖАННАТ *зат.* Бейиш. *Ниети дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун!* (Баялинов).

ЖАНР *зат.* 1. Кандайдыр бир искусствонун сюжеттик жана стилистикалык белгилери боюнча айырмаланып турган түрлөрү. *Лирикалык жанр. Драмалык жанр. Аалы Токомбаев поэзиянын ар түрдүү жанрында иштеди* («Жаш ленинчи»).

2. Турмушту көрсөтө турган живопись.

ЖАНСАР: чала жансар — чала жан, аран эле жаны бар. *Чала жансар болгон гул* («САЖИ»).

ЖАНСЕРЕК *сын.* Араң жан, чала жан. *Өзү сулдүрөп жаандан кийинки чиркейдей жансерек тартып калат* («Советтик Кыргызстан»). *Жансерек түшкөн козуга, Тил менен сүтүн эмиздиң* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАНСЫЗ I *сын.* 1. Жаны жок, өлгөн.

2. Кыймыл-аракетсиз, тынч жаткан, ээн. *Кечеги жансыз жапан чөл, Бул күнү тили безенет* (Бөкөнбаев). *Жансыз сүрөт.*

ЖАНСЫЗ II *зат.* Тыңчы, шпион. *Датка Кайырдын айлына эчен ирет жансыз жиберип, Кайырдын кайсы убакта, кайда боло турганын толук билип аңдып калышат* (Аалы).

ЖАНТАЙ *этиш.* Кыйшаюу, чыканагы менен жер таянып жамбаштап жатуу; кырынан жатуу. *Тезектен дагы калап коюп, отту тегеректеп жантайышты* (Убукеев). *Олтура албай бел ооруп, Жатчу болдум жантайып* («Жазгыч акындар»).

ЖАНТАЙМА *зат.* Дөбөнүн, тоонун же башка бийик жердин бир жагына жантайган, эңиш тарткан бети, капталы. [*Ашыр*] *жантайма боордо канга боёлуп жаткан атасын көрдү* (Сасыкбаев). *Сары сойгокто бетегелүү беттерден жана жантаймалардан жүрүү кыйын* (Каимов).

ЖАНТАК *зат. бот.* Тикендүү куурай өсүмдүгү. *Чөп керек болсо, төө мойнун жантакка созот* (макал). *Жалбыракты жалмаган, Жантакты көрсө аймаган* (Үсөнбаев).

ЖАНТАҢ: жантаң-жантаң басуу — бир жагына жантая, сылтып басуу. *Жантаң-жантаң басып эми булардын жанына да келди* (Сыдыкбеков).

ЖАНТАЮУ жантай этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНТЫЙ *этиш.* Майрыюу, бир жагына кыйшаюу. *Апкыты жантыйган жаман кепич.*

ЖАНТЫК *сын.* **Бир жак капталына кыйшайган; бир жагына майышкан;** бир жагына эңкейиш жантайган. *Арқы өйүздүн кашаты.. жантык болгондуктан*

Орусбек.. эмгектей түшүп,.. артына карады (Сыдыкбеков).

◆ **Жантыгынан жатуу** — бир нерсеге абдан берилүү, ынтаасын коюу. *—Ого, оюн дегенде булар [Самар, Мөкүш] жантыгынан жатат эмеспи* (Таштемиров).

ЖАНУУ I жан этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖАНУУ II жаны этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНЧ *этиш.* 1. Бир нерсени ургулоо, ургулап былчыйтуу, талкалоо, ийлөө. *Тоту жеңем бака жалбырак алып келип жанчып [жарама] тартты* (Жантөшев). *Эзип, жанчып ургудай, Эр өлтүрүп салдымбы?* («Эр Табылды»).

2. Урунду болуу. *Кечке жол жүрүп араба жанчкандыр* (Сыдыкбеков).

ЖАНЧТЫР жанч этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАНЧУУ жанчэтишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЧУУР *зат. диал.* Соку (сокбилеги менен).

жаңчы *зат. диал.* Күйөө жолдош.

ЖАНЧЫЛ жанч этишинин туюк мамилеси.

ЖАНЧЫМАЛ *зат.* Тарууну майга, каймакка аралаштырып жанчып жасалган тамак.

ЖАНЧЫРА *этиш.* Талкалануу, былчырап майдалануу. *Карапа түшүп кетип жанчырап калды.*

ЖАНЧЫРАТ | **жанчыра** этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАНЧЫРОО жанчыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАНЧЫШ жанч этишинин кош мамилеси.

ЖАНЫ *этиш.* Сүртүү, сылоо; сүртүп курчутуу (устараны, бычакты). *Тумшугун жанып койду. Устараны жанып курчутуу.*

ЖАНЫБАР *зат.* Айбанат, жалпы эле айбанаттар. *Чээнде жаткан жаныбар, Баш көтөрүп кыбырайт* (Осмонкул). *Ар жаныбар, сайрашып, Ар бир сонун үн ачат* (Токолок Молдо).

ЖАНЫМА *зат.* Бычак, устара ж. б. курчутулуучу кайрак, бүлөө.

ЖАНЫНДА *жанд.* Ага караганда, андан көрө, ага салыштырганда. *Анын жанында бул алда немедей жигит эмеспи* («Ала-Тоо»).

ЖАНЫТ жаны этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАНЫТМА *зат.* 1. *эс.* Фельетон. *Кала берсе өтө кыска сатиралык жанытмаларды да жазган* («Советтик Кыргызстан»).

2. Жандатып айтылган сөз. *Омор болгону жанытма сөздү жактырып көргөн жан эмес* (Сыдыкбеков). *Ал Айтике болсо Арзыматтын жанытмасына карагандатканын айыбын чукуп, бүтүн элге шерменде кылмакчы* (Аалы).

ЖАҢ: жаң-жуң *туур.* Кажы-кужу эткен катуу добуш. *Карыган эне чыркырайт жаң-жуң, Кысмактап алар: «ка,ан — дейт, уулуң!»* (Абдыраманов). *Аз өтпөй чөп кепеден берки четтен, Шак эттиш ырксыз дабыш жаң-жуң эткен* (Абдыраманов).

ЖАҢАК *туурасы:* **жаңгак.**

ЖАҢГАК *зат.* Сыртынан катуу кабык менен капталган мөмөсү бар жемиш жыгачы жана анын мөмөсү. *Жаңгак токою. Тегиз бышып күбүлгөндө шагырап, Татты жемиш табылабы жаңгактай?!* (Калык).

ЖАҢГЫЗ *туурасы:* **жалгыз.**

ЖАҢДА *этиш.* Сөз айтпастан, колун шилтеп, көзүн ымдап ишарат кылуу. *Көз ымдап жаңдап ишарат кылды* (Шүкүрбеков). *Мусабек орусча.. сүйлөгөн болуп,.. оюн Егорго.. жандап, ишарат менен түшүндүрчү* (Сасыкбаев).

ЖАҢДАТ жаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАҢДОО жаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢДООЧУ *зат.* Жандап ишарат кылуучу.

ЖАҢЖАЛ *зат.* Уруш, чатак. *Кайрадан жаңжал болорун, Калмак, манжу билгени* («Манас»). *Жаңжалдан жалын чыкпайбы Жамандык башты жутпайбы* («Эр Табылды»).

ЖАҢЖАЛДАШ *этиш.* Урушуу, чатак чыгаруу, чатакташуу, чырдашуу.

ЖАҢЖАЛДАШУУ жаңжалдаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЖАЛДУУ *сын.* Чатактуу, урштуу, чырдуу. *Жаңжалдуу үй курусун кейпи суук: Көрүнөт бокочодой кереге-уук* (Умөталиев).

ЖАҢЖАЛЧЫЛ *сын.* Урушчаак, чатак, чыр, жаңжал чыгаргыч. *Эмне үчүн ушул чымыр, жаңжалчыл кишилер.. мунун айтканына көнө алышат.*

ЖАҢСА *этиш.* 1. Кол шилтөө, кол шилтеп белги кылуу. *Кулгай Пирматка «эшикке чыга турчу» дегендей жаңсап койду* (Абдукаримов). *Динар Окжетпеске муштумун жаңсады* (Сыдыкбеков). *Күлжандын сүйлөгөнүнөн жаңсаганы көп болду* (Байтемиров).

◆ 2. Жандатып айтуу, чет жакасын чыгаруу, каңкуулоо. *Жаңсап айтсам болбойсуң, Жан-жанымдан торгойсуң* (Аалы). *О балам, жаңсап койчу эске салып* (Аалы).

ЖАҢСАК *такт.* Чала, жаздым, даана эмес. *Союл жаңсак тийди. Жаңсак уктум.*

ЖАҢСАТ жаңса этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАҢСОО жаңса этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢСЫЛ: бир жаңсыл — аягына чыгарылган, бүтүрүлгөн, тындырылган, чечилген. *Ишибиз бир жаңсыл болду.*

ЖАҢЫ *сын.* 1. Эскирбеген, эски эмес, алгачкы. [*Касейиндин*] *Устүнө кийгени жаңы шым, жаңы гимнастерка* (Сыдыкбеков). *Станциянын жаңы үйлөрү тоодон ашып тийген күндүн нуруна бөлөндү* (Сасыкбаев).

2. Мурда болбогон, биринчи пайда болгон. *Жаңы техника менен механизм*

шахтерлордун таалайы (Сасыкбаев). *Токтой калдык, Түшүп көрдүк, Жаңы тукум «Ала тоолук» Көп падага кез келип* (Аалы).

3. Мурда болгон нерсенин ордуна келген, кайта башынан башталган. *Өз туулган жеримден Жаңы журт, жаңы эл көрдүм* (Осмонов). *Жаңы ай. Жаңы жыл.*

4. Азыр эле, мындан бир аз убакыт мурда. *Он жылдыкты жаңы бүтүрдү* (Сыдыкбеков). *Жаңы эле үйгө кирейин деп атканда эшиктен бирөө кыйкырып калды* («Ала-Тоо»).

ЖАҢЫЛ *этиш.* Жаңылышуу, каталашуу, адашуу, билбей калуу. [*Токтогул*] *баратканда жаңылган эмес, кайта келе жатканда андан жакын жол тапкысы келди* (Аалы). *Жаңылганыңды эми байкадыңбы?* (Каимов).

ЖАҢЫЛА *этиш.* Жаңыртуу, эски же жарабай калган нерсени жаңы менен алмаштыруу. *Жаңылап заман тарыхты, Бөпөлөп жалчы карыпты* (Бөкөнбаев).

ЖАҢЫЛАТ жаңыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАҢЫЛМАЧ *зат.* Бат-бат айтканда сөздү так айта албай, жаңылышып кете тургандай формада түзүлгөн, тыбыштык жагынан кыйын сөз айкалыштары. *Жаштар адегенде жаңылмач айтышып, жаңылгандары ырдашты* (Абдукаримов).

ЖАҢЫЛОО жаңыла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЫЛТМАЧ *туурасы*: **жаңылмач.**

ЖАҢЫЛТ жаңыл этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАҢЫЛУУ жаңыл этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЫЛЫК *зат.* 1. Жаңыдан белгилүү болгон кабар, ар кандай жаңы окуялар, иштер. *Шаарда кандай жаңылыктар болуп жатты экен* (Бөкөнбаев).

2. Жаңы түшүмдөн, жаңы жетилген ар кандай жемиштерден биринчи ооз тийилип отурган даам. *Жаңылыктан ооз тиеличи, бергилечи өргүүңөрдөн* («Ала-Тоо»).

ЖАҢЫЛЫШ I *сын.* Ката, туура эмес, жаңылуудан пайда болгон. *Азыр силердин көз алдыңарда мен ушул жаңылыш айтып жүргөн сөзүмдү кайра алам* (Сыдыкбеков).

ЖАҢЫЛЫШ II *этиш.* Каталык жиберүү, каталашуу, жаңылып калуу, натуура иш кылуу. *Бул менин эң биринчи жаңылышканым* (Жантөшев). *Мен карыга урмат менен багындым. Айтып бердим жаңылышкан чынымды* (Аалы).

ЖАҢЫЛЫШТЫК *зат.* Каталык, адашкандык, натууралык, туура эместик, жаңылып калуучулук. *Аным жаңылыштык экен* (Жантөшев). *Менден өткөн жаңылыштыктарды кечирип коюңуз* (Каимов).

ЖАҢЫЛЫШТЫР жаңылыш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАҢЫЛЫШТЫРУУ жаңылыштыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЫЛЫШУУ жаңылыш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАҢЫР I *этиш.* Үн, добуш нерсеге тийип чагылуу, кайра кайтуу, ачык, даана чыгуу. *Капчыгай арасы жаңырып турду* (Сыдыкбеков). *Ашырдын үнүнөн тоо жаңырды* (Сасыкбаев).

ЖАҢЫР II *этиш.* Жаңы болуу, өзгөрүү. *Баланын кийим-кечеси жаңырып калыптыр* («Ала-Тоо»). *Ай жаңырды.*

ЖАҢЫРТ жаңыр этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЖАҢЫРУУ жаңыр этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖАҢЫРЫК *зат.* Бир нерсеге тийип чагылган, кайткан үн, добуш. *Балдардын.. үндөрүнүн жаңырыгы анда-санда угула калат* (Таштемиров). *Ураалаган жаңырык көкүрөгүн ачып, көңүлүн кубантат* (Жантөшев).

ЖАҢЫЧА *такт.* Баштагыдай эмес, башкача, өзгөчө. *Жүзү ачык жаңыча өскөн жаш уландар, Шат күлөт өз дооруна сүйүнгөндөн* (Осмонов). *— Карачы, жайлоодогу колхоз малын, Жаңыча ирет менен жайылганын* (Үмөталиев).

ЖАП *этиш.* 1. Бекитүү, ачык калтырбоо. *Айсулуу кайра келди, үйүн ачты, Кирген соң үй эшигин кайра жапты* (Үмөталиев). *Казандын капкагын жап.*

2. Каптоо, чүмкөө *Жабуу жапса жарашып. Жаркыраган торпогум* (Тоголок Молдо).

3. Сүртүү, шыбоо. *Бутун жуун тазалап, Карадары жапты эми* («Эр Табылды»). *Жети илекер жыйынып, Жараса дары жабышты* («Манас»).

4. Токтотуу, аяктоо. *Митинге жабык, агайындар! — деди Шамбет көпчүлүккө.* (Сыдыкбеков).

◆ **Жалаа жабуу** — ак жеринен каралоо. *Атаң менен тең Салыкка жалаа жапкандан уялбайсыңбы?* (Каимов). *Орунсуз жалаа жаппагын* (Осмонкул).

ЖАПА *зат.* Азап, кордук, мээнет, түйшүк. *Жапа тартуу.*

ЖАПАДАН: жападан-жалгыз — жалгыз өзү, өзү гана, бирөө гана. *Зарыл жападан-жалгыз туруп калат* (Сыдыкбеков). *Сен жападан-жалгызсың, Кантип айтпай коёюн Жолдошу болсоң жалгыздын* (Аалы).

ЖАПАЙЫ *сын.* 1. Маданиятташпаган, маданияттуу эмес. *Жапайы элдер. Бир кезекте жапайы, Солуй жаздап жүргөмүн* (Аалы).

2. Адам баласы тарабынан кол менен эгилбеген, тигилбеген, айдалбаган, өзүнчө чыккан (өсүмдүк). *Жапайы чыккан жаңгагы Жамгырдай жерге төгүлгөн* (Осмонкул).

3. Колго үйрөтүлбөгөн, колдо багылбаган, бакма эмес. *Тескейден жапайы каман да жолугат* (Сыдыкбеков). *Жапайы айбандар.*

ЖАПАЙЫЛАН 1. Жапайы болуп кетүү, жапайыга айлануу.

2. Коомдон четтеп, чоочун болуп кетүү, коомдук эрежелерди сактай билбөө.

ЖАПАЙЫЛАНУУ жапайылан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАПАЙЫЛЫК *зат.* 1. Маданиятташ-паган, маданияты жоктук.

2. Оройлук, мыкаачылык.

ЖАПАЛАК *зат.* Үкүнүн бир түрү.

ЖАПАЛАКТА *этиш.* Жалпак-жалпак, келки болуп самтырап түшүп туруу. *Жапалактап кар жаап турат.*

ЖАПАЛДАШ *сын.* Жапызыраак, пакене, бою, узундугу ортодон кыскараак. *Жапалдаш бойлуу аял жүгүрүп келип, Жанболоттун мойнуна асылды* (Шимеев). *Жапалдаш бойлуу бир жигитти балбанга чыгарышты* (Баялинов).

ЖАПАН жапайы менен бирдей.

ЖАПАТЫРМАК *сын.* Бардыгы бирге, жапырт, бири да калбай, бардыгы жапырт. *Эртеңден баштап жапатырмак оруу, жыюуга чыгалык* (Сыдыкбеков). *Колхозчулар эч кимге айттырбастан, өздөрү билип, жапатырмак жумушка чыгып калышты* (Абдумомунов).

ЖАПКАК *зат.* 1. Адамдын буту калың карга батып кетпес үчүн ылайыкталып жасалган бутка байлануучу нерсе, алкак. [*Токтогул*] *бутума жапкакты байлап, эки бээ саамда айылдын үстүнөн чыгам деген болучу* (Аалы). *Жапкак кийип жөө чубап* (Тоголок Молдо).

2. Көздүн үстүн жаап турган териси. *Гүлайым көздөрүн сурмалуу жапкагы менен далдалап, башын төмөн карай эңилтти* (Бейшеналиев).

3. Калкан, коңул. *Жапкак таштын алдына Нуруш от жакты* (Убукеев).

ЖАПКАКТУУ *сын.* Жапкагы бар. *Асканын түбүү жапкактуу үңкүр* (Жантөшев)

ЖАПКЫЧ *зат.* Бир нерсенин оозуна жабылуучу капкак.

ЖАПМА: жапма челек — өз үй-бүлөсүнө гана ченек салынган, башкалардан аялуу бозо. *Какылдак жапма челегин ачып жиберип бозо сүздү* (Сыдыкбеков). *Таруу бозонун жапма челеги* (Бейшеналиев).

ЖАПСАР *зат.* Коңул, ылымта, далдаа жай, эки нерсенин коңул болуп кошулган жери. *Таштын жапсарына койду. Эки жүз кой баткыдай, үңкүр сымал жапсар эле* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАПСАРЛУУ *сын.* Кокту-колоттуу, коңулдуу, далдаа. *Элдияр жапсарлуу жерди жабыттап, адырлуу жерди чабыттап... турган эле* (Эр Табылды).

ЖАПТЫР жап этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАПШЫР *этиш.* Бир нерсенин үстүнө жабыштыра тигүү, жабыштыра кошуу. *Жерге жапшыра чап. Кара-Баткакта эле Алымбай менен бирге жапшырып таштабай* (Турусбеков).

ЖАПШЫРУУ жапшыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАПШЫРЫЛ жапшыр этишинин туюк мамилеси.

ЖАПЫЗ *сын.* Бийик эмес, жапалдаш, бийиктиги, узундугу ортодон төмөнүрөөк. *Жапыз дөбө. Жапыз үй. Почта жайланышкан үй жапыз эле* (Таштемиров).

ЖАПЫЛДА *этиш.* 1. Сөзү менен ичикойнуна кирүү, элпек өңдөнүп сүйлөө. *Жапылдаган бир эркек сүйлөй кетти* (Сыдыкбеков). *Жапылдашып сүйлөшүп, Жүрөктө жоктой карасы* (Маликов).

2. *өт.* Кошомат кылып сүйлөө, жагынып сүйлөө. *Сөз айтымыш болосуң, Сыргак келсе жапылдап* («Семетей»). *Ан сайын жапылдап* [*Мурат*] *жаны-маны калбай чимирик болуп кетти* (Байтемиров).

ЖАПЫР *этиш.* 1. Тике турган нерсени жантайта жыгуу, бир жагына ыктоо, жаткыруу. *Токойду чөптөй жапырып, Топондой карды сапырып* (Аалы). *Карышкыр кулагын жапырып четке чыга берди* (Аалы). *Куландай кулак жапырып, Куюндай жерди сапырып* («Эр Төштүк»).

2. Майтаруу, майтарып кайыруу. *Бычактын мизин жапырды.*

3. Бир жагына бет алдыруу, имерүү; качырып кирүү. *Аралдагы жылкыны Башынан ылдый жапырды* («Манас»). *Курманбек чыкты качырып, Калмактарды жапырып* («Курманбек»). *Ачылган пахта, ак талаа, Четинен кир жапырып* (Үметалиев).

◆ **Кулак жапыруу** — айткан сөзгө жооп кайтарбай каяша айтпай «сеники туура» деп тим болуу. *Акиянын жемесине* [*Чаргын*] *кулакты жапырды* (Сыдыкбеков). [*Жумабек*].. *кулагын жапырып жүрө берүүчү* (Ашубаев).

ЖАПЫРАЙ *этиш.* Жапыз болуу, жалпайып көрүнүү. *Асан карыя менен Сатылгандын чириген төмөлөдөй жапырайган эски үйлөрү жатакчылардын шоок жайы боло турган* (Аалы). *Жапырайган жаман үй.*

ЖАПЫРАК 1. жалбырак менен бирдей.

2. Жукалап, жалпак кылып тууралган, кесилген.

ЖАПЫРАКТА *этиш.* Жапырак-жапырак кылып кесүү, тууроо.

ЖАПЫРАҢДА *этиш.* Жапалдаш келген адамдын мулуңдап күчөнүшү. *Жапыраңдап ырдайсың* (Токтогул).

ЖАПЫРТ 1. *такт.* Жалпы, бардыгы, бүт, текши. *Олтургандар жапырт күлүп жиберишти* (Аалы). *Тынчтык үчүн жапырт коёт колдорун* (Осмонкул).

ЖАПЫРТ II жапыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАПЫРУУ жапыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАПЫРЫЛ жапыр этишинин туюк мамилеси.

ЖАР I *зат.* Аялы же күйөөсү. *Алымкул өзүнүн башына түшкөн жамандыкты сүйгөн жары Гүлайымга баяндап берди* (Абдукаримов). *Жарын ким сагынбасын, сагынсаң да ичиңде болсун, ичиңе сакта* (Айтматов).

◆ **Жар көрүшүү** — кыз оюнда (кызга күйөөсү күйөөлөп келгенде) кыз менен күйөөнү жүз көрүштүрүү максатында экөөнүн аркаларын тийиштирип, моюндарын бурултуп, айкалыштыра өбүштүрүү. **Жар болуу — колдоо, жардам берүү.** *Арбактар бизге жар болсо, Ажалга келген эрлердин, Аты-тонун бөлөлүк* («Семетей»). **Жар-жоро** жолдош-жоро, тең туштар.

ЖАР II: моюну жар бербөө *к.* моюн.

ЖАР III *зат.* Бир жагы суу жеп же урап калган тик жер, суунун бийик жээги. *Жети-Өгүзгө жеткен кезде карасаң, Тизмектелген укмуш кызыл жар турат* (Шүкүрбеков). *Жарга ойногон улактай* (Жантөшев).

ЖАР IV *зат.* Жарчы аркылуу жарыяланган кулактандыруу, оозеки жарыя кылынган кабар. *Жар чакыруу. Жар салуу. Элдин ар бир уулу Чолпонбайдай болсун деп ай-ааламга жар чакырабыз* (Жантөшев).

ЖАР V *этиш.* 1. Бир нерсе менен чаап, кесип бөлүү, ажыратуу. *Бирөө отун жарып же казык кагып жаткандыр* (Абдукаримов). *Отунуңузду да жарып берейинби, апаке?* («Жаш ленинчи»). *Дарбыз жарды.*

2. Дары коюп бузуу, талкалоо, кыйратуу. *Кабагын түйгөн жерлерге, Таш жарып канал казгыла* (Осмонкул). *Кара зоону как жарып Түбү менен оодарып* (Калык).

3. Тилик, ачык кылып коюу, айыра чабуу, ачык кылып таштоо. *Башын жара чабуу. Капты жарды. Калтарды кардан сулаткан, Кардын жарып бөктөрүп, Карышкырды кулаткан* (Осмонкул). [*Жылдыскан*].. *бутунун чөңөр жарып канап кеткенин көрдү* (Байтемиров).

ЖАРА I *зат.* 1. Ар кандай кокустуктардан ириңдеп, шишип же теринин башкача зыяндашынан улам денеде пайда болгон илдет. *Жарасы жаман ырбаптыр* (Тоголок Молдо). *Баатыр жарасыз болбос* (макал).

2. *өт.* Кайгы, көңүлгө так калтырган жамандык. *Аба жуттум, кымыз ичтим, эс алдым Айыктыргын жүрөгүмдүн жарасын* (Үмөталиев). *Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт* (макал).

ЖАРА II *этиш.* 1. Туура келүү, таламга жоон берүү, ылайык келүү, бир ишти аткарууга кереги тийүү. *Алардын* [*уул-кыздардын*] *эмгекке жарап, эл катары иштеп жатышы салтанат эмеспи* (Байтемиров). *Балам, бир жарагын ишиме* (Токтогул). *Кыргыздар ишке жарашты* («Эр Табылды»).

2. Тапталуу, табына келүү. *Аттарынын баарысы Семизинен жараган* («Курманбек»). *Жараган күлүккө окшоп* (Осмонов).

ЖАРААТ *зат.* 1. Көбүнчө жоокерчиликтеги кырсыктан денени жаралуу кылып алуу илдети, жара. *Кол тааныш, жазуу тааныш Айшасынан! Унутту жараатынын ооруганын* (Үмөталиев). *Аз күндө айыгып бул жараат Калыбыма келермин* («Эр Табылды»).

2. *өт.* Кайгы, көңүлгө так калтырган жамандык. *Деп Макс башын салды жерди карап, Кыйналды көңүлүнө түшкөн жараат* (Турусбеков).

ЖАРАДАР *сын.* Жаралуу болгон, жарааты бар. *Бир жаш аял жарадар Осипти көрө коюп бакырып жиберди* (Сасыкбаев). *Миң башы урушта катуу жарадар болду* (Абдукаримов).

ЖАРАК *зат.* Курал. *Жоо жарагы. Барбаган жер, баспаган жол калбады, Жатсам, турсам колдон түшпөй жарагым* (Үмөталиев). *Белгилүү жерге барышып, Белендеп жарак алышып* (Аалы).

ЖАРАКА *зат.* 1. Жарылган жыгач отун, майда чамынды. *Эки жараканын башын отко салып коюп бир кемпир отурат* (Бөкөнбаев). *Алдагы жаракаңды ташта* (Аалы)

2. Жарылуудан пайда болгон жылчык, тешик, ажырап кеткен жик. *Жакшы го сенин жыгачың, Жарака кетип сынбаган* (Токтогул). *Батый жеңиштүү эмгек үчүн тапшырылган Кызыл туунун чоң таштын жаракасына сайып, Самат экөөлөп бекем орнотушту* (Сасыкбаев).

ЖАРАКӨР жароокер менен бирдей.

ЖАРАКСЫЗ *сын.* 1. Керексиз, ылайыксыз, эч нерсеге жарабаган. *Кай бирин жараксыз иретинде четке кагып таштаган* («Советтик Кыргызстан»). *Жараксыз таштанды.*

2. Майып, иштөөгө жарабаган. *Бир колум жараксыз болуп, эптей албаганыман кетменди сага алып келип саптатайын дедим эле* («Ала-Тоо»).

ЖАРАКТАН *этиш.* Куралдануу, куралжаракчан болуу. *Баары тегиз жарактанган, Бардаңкелер асынган* (Бөкөнбаев). *Жигиттер жарактанганча бир далай убак бар* (Аалы).

ЖАРАКТАНДЫР жарактан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРАКТАНУУ жарактан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРАКТУУ I *сын.* Куралдуу, колунда курал-жарагы бар, куралданган. *Жарактуу отряд. Ал экөөнүн артында жарактуу көп киши* (Жантөшев). *Жарактуу күнү жоо келбейт* (макал).

ЖАРАКТУУ II *сын.* Жарамдуу, жарай турган; алгылыктуу. *Жумушка жарактуу. Жарактуу кептен ырдады* (Осмонкул).

ЖАРАКЧАН *сын.* Куралдуу, колунда жарагы бар, куралданган. *Жаракчан таалай издеп эл толкуду, Колунда жармачтардын балта-керки* (Аалы). *Баары мылтык-кылыч жаракчан* (Шамшиев).

ЖАРАЛ *этиш.* Пайда болуу, дүйнөгө келүү, жасалуу. *Бактыбызга жаралган Батпас күнсүң партия* (Нуркамал). *Алтын заман дал ушул Адам кайра жаралган* (Нуркамал).

ЖАРАЛА *этиш.* 1. Жара кылуу; жарадар кылуу. *Көөдөнүн найза аралап, Көкүрөгүн жаралап* («Курманбек»). *Кайран этти жаралап Начарлатты алымды* (Токтогул).

2. *өт.* Кайгы-капалуу, күйүттүү кылуу, санаараткуу; ашыктык сезимин козгоо. *Жаш жүрөктү жаралап, күйүткө салып кеткен мүшкүл иштин башы ушул окуядан башталат* («Ала-Тоо»). *Кош жүрөктү жаралап Кайдан келген сулуу кыз?* (Шимеев).

ЖАРАЛАН жарала этишинин өздүк мамилеси.

ЖАРАЛАТ жарала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРАЛОО жарала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРАЛТ жарал этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРАЛУУ I *сын.* Жарасы бар, жарадар болгон. *Жаралуу кылдым калмакты. Жоо аяган — жаралуу* (макал). *Жаралуу кийик жата албас* (макал).

ЖАРАЛУУ II жарал этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРАМАЗАН *зат.* Орозо күндөрүндө айыл аралап ырдалуучу диндик салт ырлары.

ЖАРАМДУУ *сын.* Бир нерсеге жарарлык, сапаты жакшы, жөндөмдүү. *Жарамдуу жер. Жарамдуу ат.*

ЖАРАМДУУЛУК *зат.* Жарамы бардык, сапаты жакшы болгондук, жөндөмдүүлүк. *Үйдүн санитарлык жактан жарамдуулугу. Ишке жарамдуулук.*

ЖАРАН *зат. эс.* Достор, дос-туугандар. *Жарыкы төгүн жарымы чын, Жарандардын көөнү үчүн* («Манас»). *Жарандардын жаны — сен, Жаратылган каны — сен* (Барпы).

ЖАРАТ 1. жара этишинин аркылуу мамилеси.

2. Пайда кылуу, бар кылуу, дүйнөгө келтирүү. *Мага окшогон жетимди Башынан жаратпай койсочу* («Саринжи—Бөкөй»). *Тыныктык жылдарында жаратат Сулуу, улуу турмушту адам* (Шүкүрбеков).

ЖАРАТКАН *зат. дин.* Кудай, алла таала, жаратуучу. *Тогуз уул кенжеси, Жараткандын бендеси* («Эр Төштүк»). *Жарагын белге чалынып, Жаратканга жалынып* («Манас»).

ЖАРАТУУ жарат этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРАТЫЛ жарат этишинин туюк мамилеси.

ЖАРАТЫЛЫШ *зат.* Табигат, дүйнөдөгү жандуу жана жансыз заттардын бардыгы. *Жаратылыш байлыктары.*

ЖАРАШ I *этиш.* 1. Элдешүү, кайра татуулашуу, урушуп, кайра табышуу. *Мамбеткул өз айыбын сезер менен. Салык досу менен жарашкысы келди* (Каимов). *Эрдик кылса Дөлөнүң, Эбин таап жарашсын* («Курманбек»).

ЖАРАШ II *этиш.* Келишүү, келишимдүү болуу, ылайык келүү. [*Жылдызкандын*].. *самсаалаган саамайы көкүрөгүнө төгүлүп, кара сур өңүнө жарашат* (Байтемиров).

ЖАРАША *жанд.* Ылайык, карата. *Доктордун суроосуна жараша жоап бердим* (Жантөшев). *Жергиликтүү шарттарга жараша болуу керек.*

ЖАРАШТЫР жараш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРАШУУ жараш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРАШЫК *зат.* Келишимдүүлүк, көрктүүлүк, кооздук. *Жарашыгы жок кийим. Жашыл ала жагоо тагып желбиреп, Жакшы өмүрдүн жарашыгы биз элек* (Осмонов). *Жарашык берип асманга Жайнады жылдыз жыбырап* (Бөкөнбаев).

ЖАРАШЫКТУУ *сын.* Жарашыгы бар, келишимдүү, көрктүү. *Жарашыктуу кийим.* [*Нуркасым*].. *кара каштарына жарашыктуу келтирип суусар тебетей кийген* (Сыдыкбеков).

ЖАРБАҢДА *этиш.* Жөнү жок шайырлык, ыгы жок теңтуш болуу, коюн-кончуна кирүү.

ЖАРБАҢДАТ жарбаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРБАҢДОО жарбаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРГАК *зат.* Эчкинин ж. б. майда жандыктардын жүнү жыдытылып ийленген териси. *Жаргак шым.*

ЖАРГАНАТ *зат.* Узун канаттары бар, түнкүсүн уча турган, чычкан түспөлдөш сүт эмүүчү жаныбар. *Жарганаттын жүнү жок, Айбанаттын тили жок* (Токтогул). *Капысынан учуп чыгат Кайып өтүп жарганат* (Бөкөнбаев).

ЖАРГОН *зат.* Жалпы элдик тилден айырмаланган кандайдыр бир социалдык топтун же таптын тили; ушул топко керектелүүчү спецификалык мааниси бар жасалма, шарттуу сөздөр же туюнтмалар.

ЖАРГЫЛЧАК *зат.* Данды майдалоо үчүн тегерек жана жалпак таштан ортосун көзөнөк кылып жасаган кичинекей кол тегирмен. *Жаргылчакка талкан тартуу.*

ЖАРДА I. *этиш.* Жарыя кылуу, жарыялоо, жар салуу. *Өзгөрүштү ырдап, өз элиңе жарда* (Тоголок Молдо). *Калтабай энесине эм конгонун айтып, меймандарга жардап жиберди* (Аалы).

ЖАРДА II жардаш менен бирдей.

ЖАРДАМ *зат.* Кол кабыш, көмөк. *Колхоздун жардамы менен эки бөлмөлүү там салдырып алды* (Байтемиров). *Газетага чыкты макталып, Колхозго тийип жардамы* (Осмонкул).

ЖАРДАМДАШ *этиш.* Жардам берүү, көмөк кылуу. *Мен аларга жардамдашып кап көтөрүштүм* (Абдукаримов). *Мага жардамдаш, Каныбектин бутун жаңыртып таңалы* (Жантөшев).

ЖАРДАМДАШУУ жардамдаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРДАМЧЫ *зат.* 1. Бирөөгө кандайдыр бир иш боюнча жардам көрсөтүүчү, жардам бере турган адам.

2. Кандайдыр бир ишке жетекчилик кылган же ал иштин негизги аткаруучусу болгон адамга баш ийген, ага жардам бере турган, айрым учурда анын орун басары катарында милдет аткара турган адам. *Машинисттин жардамчысы. Мастердин жардамчысы.*

◆ **Жардамчы сөздөр** — өзүнчө лексикалык мааниге ээ болбогон, негизги сөздөрдүн арасындагы байланышты гана билдирип, грамматикалык мааниде гана колдонулган сөздөр (мис., байламталар, жандоочтор ж. б.).

ЖАРДАН жардаш менен бирдей.

Балдар жарданып тура калышты (Жантөшев). *Күрөктөрүн таяна, жарданып тургандар күлүп калышты* (Убукеев).

ЖАРДАШ *этиш.* Тизилип туруу, жардап катар тизилүү. *Жайылган аркаркулжасы Жардашып таштан кетпеген* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жардашып карап турган калың эл.*

ЖАРДАШУУ жардаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРДУУ I *сын.* Жары бар, жары көп. *Жардуу талаа. Жардуу жээктер.*

ЖАРДУУ II *сын.* Аялы же күйөөсү бар, жары бар. *Бойдок келген баланы Жардуу кылдым, кырк жигит* («Эр Табылды»).

ЖАРДЫ *сын.* Кедей, жармач чарбалуу, байдын карама-каршысы. *Ыракмат силерге! Жарды болсоңор да, адамгерчиликтүү экенсиңер* (Жантөшев).

ЖАРДЫЛЫК *зат.* Кедейлик, колунда жоктук, жармачтык; аздык, кемчилдик. *Жардылыктын кесепетинен алыскы Кетмен-Төбөгө баруу үчүн мүмкүндүк таба алган эмес* (Барпы). *Суу жолунан Жалал-Абад эч кайсы жерден жардылык кылбайт* («Эмгек азаматтары»).

ЖАРК: жарк-журк *туур.* Жарыктын тез жана жалт этип көрүнүп жок болушу, чагылыша түшүп жок болушу. *Капысынан үйдүн ичи жарк дей түштү* (Убукеев). *Аттанар жаккы үзөнгүсү жарк-журк этет* (Сыдыкбеков). *Чагылган оту жарк-журк этти* (Абдумомунов).

ЖАРКЫЛДА *этиш.* 1. Жарк-журк этүү, жарк-жарк этип көрүнүү. *Малчылардын көңүлү шат, Төшүндө орден жаркылдап* (Барпы). *Комузунун башында Күмүшү бар жаркылдап* (Токтогул). *Кылычтын мизи жаркылдап* («Курманбек»).

2. Шат көңүлдө, жайдары мүнөздө болуу. *Жаркылдап, адеп менен күлүп сүйлөп, Сөзү бар не бир сылык ойдон чыккыс* (Үмөталиев). *Өз колуңда бар болсо Кийип, ичип жаркылда* Осмонкул). *Жаш кезиңде жаркылдап, Эмгегиңден талбагын* (Токтогул).

ЖАРКЫЛДАТ жаркылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРКЫЛДОО жаркылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРКЫН I *зат.* Нур, шоола, жарык, илеп. *Жаңынын болгон жаркыны, Мен ошонун курманы* (Бөкөнбаев). *Асмандагы ай, күндүн Жаркынынан бүткөндөй* («Манас»).

ЖАРКЫН II *сын.* Жылуу, жайдары жүз, ачык-айрым мүнөз, сүйкүмдүү; жыргал. *Жашыл көйнөк, жүзү жаркын жаш бала* (Борбугулов). *Буралып турган жаркын кыз Булбулдун үнүн укпайбы?* (Бөкөнбаев). *Ай маңдай жаркын деген бар, Айныбаган кенен бар* (Тоголок Молдо).

ЖАРКЫНДУУ *сын.* Жаркыны бар; жылуу жүздүү, ачык-айрым мүнөздүү. *Жүрөк тоңгон суукта Жылуу жазсың жаркындуу* (Осмонов).

ЖАРКЫРА *этиш.* 1. Нур чачуу, шоола чачуу, жарык, жалтырак түстө болуу. *Түн ортосуна жакындаган кезде чыгыш тагы асканын артынан жаркырап ай чыга келди* (Жантөшев). *Машинанын жарыгы балбылдап, шоссе жолун жаркырата зымырылып бара жатат* (Сасыкбаев).

2. Жыргалдуу, бактылуу болуу, шайыр, кайгы-капасы жок абалда туруу. *Жаркыраган жыргал турмуш. Жаркырады көңүлүм, Тилегиме мен жетип* (Токтогул).

ЖАРКЫРАК *сын.* 1. Жаркыраган, жалтырак. *Асмандагы жаркырак Айдын нуру өзүмдө* (Тоголок Молдо).

2. Жакшы, сонун, артыкча. *Кабак чытпай күлүп өт, Өмүрүң ачык, жаркырак* (Осмонов). *Өмүр деген тунук суу — Шашып агат шаркырап. Тата билген адамдын Бардык күнү жаркырак* (Аалы).

ЖАРКЫРАТ жаркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРКЫРОО жаркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРЛЫК *зат.* Буйрук, көрсөтмө. *Хан каардуу жарлык берди* («Советтик Кыргызстан»). *«Аттан!» — деп, бүткүл элине Атабыз жарлык салганда* («Советтик Кыргызстан»).

ЖАРМА *зат.* Талканды ысык сууга чалып, кайнатып жасаган суюк тамак. *Торсойгон кичинекей казанга... Батыш жарма жасады* (Байтемиров). *Ачкыл жарма суусун кандырат* (Убукеев).

◆ **Илик-жарма** *к.* **илик I. Ооз жарма тай** — жашка толо элек кулун.

ЖАРМАЛЫК *сын.* Жарма жасаганга жарарлык же жарма жасаганга жеткидей. *Бир жармалык талкан.*

ЖАРМАНКЕ *туурасы:* **ярмарка.**

ЖАРМАЧ *сын.* 1. Алы жок, ден соолугу начар, күчсүз. *Жармач киши. Жармач жүрөк.*

2. Кедей, колунда жок, жарды. *Токтогул жармач туугандарын аяды* (Бөкөнбаев). *Колуңдан келсе кайрылыш, Колунда жок жармачка* (Осмонов).

ЖАРМАЧТЫК *сын.* 1. Алсыздык-начардык. *Жармачтык кылып баратсаң, Жандап кирер мен өзүм* («Курманбек»).

2. Кедейлик, колунда жоктук, жардылык.

ЖАРМАШ *этиш.* Бир нерсенин бетине, капталына ж. б. кандайдыр бир илинчек аркылуу жабышуу, илээшүү, илинип калуу. *Машинага жармашып чыкты. Этегине уйгак жармашып калды. Ээлигип турган семиз музоо Жылдызкандын жармашканына моюн бербей жулунат* (Байтемиров).

2. *өт.* Ажырагысы келбөө, бөлүнгүсү келбөө; сөз менен асылып алуу; пайда болуу. — *Базарбек сөзүн бүткөнчө Ашым ага жармаша калды* (Каимов). *Ушул аз эле күндүн ичинде энеге унутчаактык да жармашты* («Ала-Тоо»). *Таш кордодой кайнады, Жармашкан муң ачылбай* (Бөкөнбаев).

ЖАРМАШТЫР жармаш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРМАШУУ жармаш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРМО *зат.* Өгүздүн (кээде уйдун да) мойнуна салып, кошко, арабага чегүү үчүн колдонула турган шайман.

ЖАРНА *зат.* Үлүш, шыбага.

ЖАРНАК *зат.* Үлүш кошуп, биргелешип уюштурулган иш. *Жарнак капиталы.*

ЖАРНАКТАШ *этиш.* Жарнакка кошулуу, ар кимиси өз үлүшүн кошуп, биригип иштөө, бири-бирине жардамдаш болуу.

ЖАРНАКТАШУУ жарнакташ этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРНАКЧЫ *зат.* Өзүнүн үлүшүн кошуп жарнакташкан адам.

ЖАРНАМА *зат. эс.* Приказ; өкмөттүк кулактандыруу.

ЖАРООКЕР жароокер менен бирдей.

ЖАРОО I *сын.* Арыктоо, азуу, этинен ооп калуу. *Атым жароо тартып кетти. Ичи жароо, эти жадоо торпокторду Ашыр аке короо ортосуна айдап чыгарып, четинде турган экен* (Убукеев).

ЖАРОО II жара этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРООКЕР *сын.* Мүнөзү жагымдуу, илбериңки, кишинин ичи-бооруна кирген жайдары. *Жамила.. жароокер кыз* (Баялинов). *Жароокер карап айылдан, Жаш бозой жылкы кайырган* (Үмөталиев).

ЖАРП: жарпы жазылуу — көңүлү көтөрүлүү, кабагы ачылуу. *Ашырдын жарпы жазыла түштү* (Сасыкбаев).

ЖАРТЫ *сан.* Жарым, бир бүтүндү экиге бөлгөндөгү бир бөлүгү, теңи. *Иштин тең жартысы. Жарты нан. Жарты чака суу. Жарты кап згин.*

ЖАРУУ жар этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРЧЫ *зат.* Жар чакыруучу, кандайдыр бир кабарды элге жарыялоочу, жар салуучу, кабарчы. [*Токтогул*].. *Октябрь революциясынан кийин ганд жаңы замандын жарчысы катары алга чыгып ырдады* («Ала-Тоо»). [*Гудок*] *бул биринчи сменанын жарчысы эле* (Сасыкбаев).

ЖАРЫ I: төш жары *к.* **төш.**

ЖАРЫ II *этиш.* Муктаждыкка учурабоо, керектүү нерселер жетиштүү болуу; иши он, дурус болуу. *Жарыбаган жалкоону Ким кадырлап, ким сүйлөйт* (Осмонов). *Таалайлуу жигит талыбайт, Жалакор адам жарыбайт* (Токтогул).

ЖАРЫК I *зат.* 1. Көрүү сезимине таасир этип, айлана-чөйрөнү көзгө көрүнө турган абалга келтирүүчү нур, шоола. *Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт* (макал). *Күндүн жарыгы. Оттун жарыгы.*

2. Айлана-чөйрө көрүнүп турган, караңгы түшө элек мезгил, күндүз. *Эми биз, карыялар, жарыкта эптеп үйгө жетип алалы* (Абдукаримов).

3. *өт.* Таалай, жыргал, бакыт. *Советтин жарык күнүндө Териме батпай семирдим* (Токтогул). *Жарык нурду көрсөткөн Ленин жолу жашасын* (Тоголок Молдо).

◆ **Мандайы жарык** — көңүлү шат, кубанычтуу, жайдары. *Мандайы жарык жылдыздуу Шерик болот ырыска* (Осмонкул). **Жүзү жарык** — 1) ажарлуу, жайдары; 2) айыпсыз, элге уят болгудай, эл наалат айткыдай эмес. *Эл алдында жүзүм жарык, айыбым жок* («Чалкан»). **Жарыкка чыгуу** — китеп, журнал, газета ж. б. бетинде басылып чыгуу, жарыялануу.

ЖАРЫК II *зат.* 1. Жарылган, бөлүнгөн жер, сыныктын изи, жик, жарака. *Жер жарыгы тозокко Жакын кирип барды эле* («Эр Төштүк»). *Жыгачтын жарыгы.*

2. Дененин айра чабылган, тилинген жери. *Уу камчы тийген шак-шак, жарык башы, Баланын «Туткуч» экен билдим аты* (Бөкөнбаев). *Кыдырып жүрүп кыйналып, Таманым жарык чор болду* (Токтогул).

ЖАРЫКТЫК I *зат.* Улгайган, эски кишилерге карата урматтоо катарында айтылчу сөз. *Жарыктык карыя, сиздин ал кездеги көргөндөрүңүздүн бүгүн бири да жок, мезгил өттү, турмуш кайрадан жаңырды* («Ала-Тоо»). *Жарыктык апамдын боорукерлигичи* («Чалкан»).

ЖАРЫКТЫК II *зат.* Жарыкчылык; жакшы турмуш, жыргал турмуш, бакыт-туулук; билимге, маданиятка ээ болгондук. *Жарыктыкка чыгарды Жабыккан кыз-келинди* (Үсөнбаев).

ЖАРЫКЧЫЛЫК *зат.* Жарык дүйнө, жарыктык; жакшы турмуш, түнт, караңгы абалда эмес. *Жарыкчылык бетин көрө албай, темтеңдеп жүрүп эле өтүп кетүүчү турбайбы? — деди* (Убукеев). *Жарыкчылык дүйнө менен коштошчу күн ушул турбайбы деп ойлодум* («Чалкан»).

ЖАРЫЛ жар этишинин туюк мамилеси.

ЖАРЫЛГЫЧ *сын.* Жарылма, жарылуучу, жарыла турган. *Жарылгыч заттар.*

ЖАРЫЛДА *этиш.* Тынымсыз бажылдап сүйлөө, тынымсыз, дайынсыз сүйлөө.

ЖАРЫЛДАК *сын.* Бажылдап, жарылдап көп сүйлөгөн, дайынсыз сүйлөй берген.

ЖАРЫЛДАТ жарылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРЫЛДОО жарылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРЫМ *зат.* 1. Жарты, экиге бөлгөн нерсенин бир бөлүгү, эки бөлүктүн бир бөлүгү. *Пахтанын жарым бөлүгү машина менен жыйналды. Жазында булак сутум бар, Жарым айыл тойгондой* (Осмонов).

2. Кем, аз. *Жарым эс. Акылы жарым жан экен.*

◆ **Жарым жан** — бир мүчөсү кем, аран жан, начар.

ЖАРЫН *этиш.* Өзүн өзү жаруу, өзүнө бычак уруу, жара тартуу. *Жарыпып өлүп бир жолу, Жаш өмүрүм үзөрмүн* («Эр Табылды»).

ЖАРЫНУУ жарын этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРЫТ жары этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРЫТЫЛУУ *сын.* Канааттандырарлык, дурус, алымсынгыдай, жетишээрлик. *Жарытылуу иштеген иши жок. Тамакты да жарытылуу ичпей калды* (Таштемиров).

ЖАРЫШ I *зат.* **1.** Ат чабуу же жөө жүгүрүү мелдеши. *Жалгыз аттуу жарышка тойбойт* (макал). *Жөө жарыш.*

2. Эки адамдын же эки коллективдин иш, спорт ж. б. жагынан бири-биринен озуп кетүү үчүн өз ара мелдеши. [*Вера*] *бир топ спорттук муз тебүү жарыштарына катышып да жүргөн* (Шимеев). *Комузчу, ырчы келип жатат жарышка, Жетимиш жыл өмүр сүргөн абышка* (Акаев).

◆ **Жарыш сөз** *к.* **сөз.**

ЖАРЫШ II *этиш.* **1.** Ат чабуу же жөө чуркоо жагынан мелдешке чыгуу. *Багалек түрүп жарышып, Башы оогон жакка барышып* (Токтогул). *Тамак жебей карыштың, Алыс жерден жарыштың* (Тоголок Молдо).

2. Ишти тез бүтүрүү же өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында бири-бири менен мелдешке чыгуу. *Социалистик жарыштын аткарылышын текшердик* (Сыдыкбеков). *Артыла берет өнөрүң, Балам, тартынбай киргин жарышка* (Токтогул).

ЖАРЫШТЫР жарыш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРЫШУУ жарыш этишинин кыймыл атоочу.

ЖАРЫШЧААК *сын.* Жарышканды жакшы көргөн, жарышкысы келип турган. *Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман тондуу күрөшчөөк* (макал).

ЖАРЫЯ *зат.* Кулактандыруу, билдирүү, көпчүлүккө угуза айтылуучу же окулуучу кабар. *Кана, Орусбектин жазасы болсо, жарыя айт* (Сыдыкбеков). *Эмесе, айтам жарыя, Угуп тургун калайык!* (Токтогул).

ЖАРЫЯЛА *этиш.* Жарыя кылуу, кулактандыруу, көпчүлүккө билдирүү, маалим кылуу. «*Сүлүктүдө советтик бийлик толук күчүнө кирди*» *деп жарыялайбыз* (Сасыкбаев). «*Салтанаттуу чогулуш ачык!*» — *деп жарыялады* (Сыдыкбеков).

ЖАРЫЯЛАТ жарыяла этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАРЫЯЛОО жарыяла этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСА *этиш.* **1.** Бир нерсени иштөө, аткаруу, иштеп чыгаруу, даярдоо. [*Андрей*].. *алды менен така жасады* (Байтемиров). *Тамак жасады. Доклад жасады. Баяндама жасады.*

2. Кооздоо, иреттөө, жасалгалоо. *Кана, жигиттер, жасагыла ырчыны* (Бөкөнбаев). *Болор жигит порумдап Жасап коёт үйлөрүн* (Токтогул).

◆ **Тамагын жасоо** — жөтөлүп, сүйлөөгө же өзүнө көңүл бурдуртуу үчүн камынуу. *Салыктын үйүнөн кимдир бирөө чыгып, тамагын жасап, бери көздөй басты* (Каимов). [*Зулай*].. *ыр чыныны колуна алып, тамагын жасай баштады* (Байтемиров).

ЖАСАГАН *зат.* Жараткан, кудай. — *А жасаган, — деди Күмүш, — кедейди мынча эмне кор кылып жараттың?* (Баялинов).

ЖАСАК *зат.* Кол, аскер. «*Чуу күйрук*» *деген сөз үчүн бир уруу экинчи уруу менен жасакка да чыгышты* (Аалы).

ЖАСАКЕР *сын.* Айыбын жууштун аракетинде болгон, жагынгысы, жакшы көрүнгүсү келген. *Жасакер катын жаткыча таяк жейт* (макал).

ЖАСАКЕРЛЕН *этиш.* Жагынуу, жакшы көрүнүү, айыбын жуушка аракет кылуу.

ЖАСАКЕРЛЕНҮҮ жасакерлен этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСАКЕРЛИК *зат.* Жагынгандык, жакшы көрүнүүчүлүк, айыбын жуушка аракет кылгандык.

ЖАСАЛ жаса этишинин туюк мамилеси.

ЖАСАЛУУ жасал этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСАЛГА *зат.* Тартипке келтирүү, кооздоо үчүн пайдаланылуучу буюмдар. *Үй жасалгалары. Ат жасалгалары.*

ЖАСАЛГАЛА *этиш.* Кооздоо, көрктүү, кооз көрүнүшкө келтирүү. *Жасалгалап жайын билип оңдойсуң* (Калык). [*Андрей*] *Ревкомдун канцеляриясын жасалгалады* (Сасыкбаев).

ЖАСАЛГАЛАТ жасалгала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАСАЛГАЛОО жасалгала этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСАЛГАЛУУ *сын.* Жасалгасы мыкты, кооздолгон, жабдылган. *Сонун жасалгалуу боз үй* (Жантөшев). [*Бугимовдор*].. *терезелери көчөнү караган жасалгалуу, ээн бөлмөгө кириштти* (Сасыкбаев).

ЖАСАЛМА *сын.* Табигый эмес, тубаса эмес, чыныгы эмес. *Жасалма бермет. Мындай жасалма көлмөлөрдү жергиликтүү калк «ооз» же «хауз» деп атайт.* (Абдукаримов).

ЖАСАН *этиш.* Көрктөнүү, өзүн кийим-кече жана башка жасалгалар аркылуу. көркүү, кооз көрүнүшкө келтирүү. *Өмүру болбойт тазалык, Жүрбөйсүң элдей жасанып* (Шүкүрбеков). *Кийинишкен, жасанган, Кыздары көп карасам* (Үмөталиев).

ЖАСАНУУ жасан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСАТ жаса этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАСАШ жаса этишинин кош мамилеси.

ЖАСОО I *зат.* Аскер, кол. *Жасоо жаса. Жаштык кылып эзликпей, Жасоону калың табыңар* («Эр Табылды»). *Бул экөө тең бир туугап, Жасоону арбын ылгады* (Тоголок Молдо).

ЖАСОО II жаса этишинин кыймыл атоочу.

ЖАСООЛ *зат.* **1. Болуштун жигити,** айыл аткаруучу. *Кылычын кынга салынып, Жасоолу чыкты шарактап* (Кара-

лаев). *Жардының минип чологун, Салууч булук жасоолдор* (Турусбеков).

2. Падышалык Россияда орустун офицердик чини.

ЖАТ I *сын.* 1. Бөтөн, чоочун, башка, өз эмес. *Сиз жат киши белеңиз. Ак ниет иштиижашырбаган жакшы* (Байтемиров). *Өзүңдө жок болсо, атаң да жат* (макал).

2. Душман, кас. *Ал кезде Сүлүктүдө эгердик, меньшевиктик жат элементтер да жок эмес эле* (Сасыкбаев). *Өзөктөн күйгөн өрт жаман, Өздөн чыккан жат жаман* (макал).

ЖАТ II *сын.* 1. Көңүлдө, эсте жаңылышсыз, толук сакталган, жаңылгыдай абалда эмес. *Бул окуя мага жат, күнү бүгүнкүдөй эсимде турат* («Ала-Тоо»).

2. Эсте сакталган, көңүлдө калган боюнча, буйдалбай, кагазды карап же башка жол менен кайрадан эске түшүрүп отурбастан. *Жат айтып берүү. Бардыгын жат билүү. Манастап ураан жат айтып, Алмамбет атын бат айтып* («Эр Төштүк»).

◆ **Жат жазуу** — жазуу эрежелери боюнча окуучулардын билимин текшерүү үчүн жүргүзүлүүчү контролдук иштин бир түрү, диктант.

ЖАТ IIД *этиш.* 1. Горизонталдык абалда болуу, бир нерсенин үстүнө узунунан же туурасынан түшкөн абалга келүү (адам же башка жаныбарлар жөнүндө). [*Барпы*].. *терезенин түбүндө жаткан Абдылданы көрө койду* (Байтемиров). *Элемандын сыртташы, Жатып жамбаш талдырып, Жамбаштап уйку кандырып* («Эр Төштүк»). *Жаманды кудай не албайт, жаткан төөгө мине албайт* (макал).

2. Белгилүү бир жерде, орунда болуу. *Дарбыз, коон быжыран, Жатышат сайдын ташындай* (Бөкөнбаев). *Каш карайды. Дүмпүйүп жаткан чоң кыштак.. акырындап караңгыга чөгүп баратат* (Байтемиров). *Алдында жаткан дөңгөчтү Керилип туруп чапты эле* («Эр Төштүк»).

3. Жапырылуу, жыгылып калуу. *Бүгүдай жатып калыптыр — муну оруу оңой эмес.*

4. Түнөө, конуу. *Шаарда беш күн жаттым.*

5. Таандык болуу, тиешелүү болуу. *Мына бул төрөчүлүккө жатабы? Ушул да адамгерчиликке жатабы?*

6. Атоочтук формада аныктооч болуп түшкөндө «барып турган», «абдан», «жеткен», «ашынган» деген мааниде колдонулат. *Жаткан бир ууру. Жаткан ушакчы.*

7. Негизги этиштер менен бирге айтылып, татаал этиштерди уюштуруучу көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Ойноп жатат. Кеткени жатат. Кат жазып жатат.*

◆ **Жатып ичер** — жалкоо, арам тамак. *Ошентип, жатып ичер жата берди, Таш үйүп жалпак үйдүн чатырына* (Аалы). **Жата конок** — конуп, түнөп калуучу конок, мейман. **Жата карын** — карды саландаган, ичи чоң, курсактуу. *Жалама тоодон теке аткан, Жата карын эчки аткан* (Тоголок Молдо).

ЖАТАК *зат.* 1. Түнөк, жатууга арналган орун, жата турган жер. *Аюунун жатагы. Бөдөнөнүн жатагын көр да, этине таарынба* (макал).

2. *эс.* Дайым турган жер, жайы-кышы жашаган турак. *Жатакка кал. Элиң жатса жатакта, Малынса башың чатакка, Чыкпаса эстен сүйгөнүң, Бул да жаткан азап да* (Турусбеков). *Жарды кайдан байысын, Жай жатакка жатканы. Омурткасын оркойтуп, Жайлай бычан чапканы* (Каралаев).

3. Аялдар эркек балдарга карата жактырбаган иретинде айтылуучу жеме сөз. *Какшаган жатак, байкап айт, Кайнатамын шоруңду* (Осмонкул).

ЖАТАКАНА *зат.* Көбүнчө бир ишканада иштеген адамдар же бир окуу жайында окуган окуучулар бирге тура турган үй, жай, имарат. *Жатаканадан орун берет* (Бейшеналиев). *Экөөбүз анын жатаканасынан чыктык* (Шимеев).

ЖАТАККАНА жатакана менен бирдей.

ЖАТАКЧЫ *зат. тар.* Жайында жатакта калуучу, жайлоого көчүп кетүүгө малы, башка кудурети болбогондуктан, өз жатагында калууга аргасыз болгон кедей. *Чарчаган жатакчылар жумуш кылып, Сүйлөшчү кечке жуук дөңгө чыгып* (Турусбеков). *Бул кубаныч жалгыз гана Бурма менен Токтогулга эмес, бардык жатакчылардын кубанчы болду* (Аалы).

ЖАТАЛАК *зат.* Бир жатып, бир туруп, ооналактаган жылкы оорусу. *Жаталак болгон ат.*

ЖАТАЛАКТА *этиш.* 1. Жаталак болуп ооруу, бир жатып, бир туруп, ооналактоо. [*Андрей*].. *базарга бир ат минип барса, жаталактап өлүп калган* (Байтемиров). *Түндө бир ат жаталактап калгандыгы жөнүндө кабар келип, ага барам деп Мурат жаанга калган* (Байтемиров).

2. *өт.* Чыдамсызданууу, жеңилдик кылуу.

ЖАТАЛАКТАТ жаталакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАТАЛАКТОО жаталакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАТКЫЗ жат этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАТКЫР жаткыз менен бирдей.

ЖАТТА *этиш.* Эсинде сактоо, эсинде кармоо, жат айтып бере алгыдай болуу. — *Тээк, жаттап алган сөзүнөн да жаңылат бекен* (Сыдыкбеков). *Карылардан калган сөз, Каттай жаттап алган сөз* («Семетей»).

ЖАТТАТ жатта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАТТОО жатта этишинин кыймыл атоочу.

ЖАТТЫК I *зат.* 1. Бөтөндүк, чоочундук, башкалык.

2. Душмандык, кастык.

ЖАТУУ жат этишинин кыймыл атоочу.

ЖАТЫГУУ жатык этишинин кыймыл атоочу.

ЖАТЫК I *сын.* 1. Сыпайы, сылык, орой, одоно эмес. *Абдан жатык. Сыпайы, маданияттуу да мамиле кылат* (Убукеев). *Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол* (макал). *Көйкөлө басып жатык кыймыл менен тамакашын иреттеп коё берди* (Убукеев).

2. Жылма, куюлушкан, кулакка угумдуу, көркөм. *Үнү бийик, тили жатык* (Сыдыкбеков). *Жатык жазылган аңгеме.*

ЖАТЫК II *этиш.* Машыгуу, көнүгүү, маш болуп, үйрөнүп кетүү. *Саясатка кайдан жатык болуп алгансың?* (Сасыкбаев).

ЖАТЫКТЫР жатык этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАТЫН *зат.* Ичте өнүгүү мезгилинде баланын жата турган орду. *Бир жатындан туулуп, Бир уядан жем жеген* (Бөкөнбаев).

ЖАТЫНДАШ *сын.* Бир тууган, бир энеден туулган, бир жатындан чыккан. *Жатындаш туган иним жок* (Токтогул).

ЖАТЫРКА *этиш.* Чочуркоо, жатсынуу. *Баягыдай жатыркаган жок* (Сыдыкбеков). *Акбар жатыркап уктай албай ооналактады* (Убукеев).

ЖАТЫРКАТ жатырка этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАТЫРКОО жатырка этишинин кыймыл атоочу.

ЖАХАН *зат.* Дүйнө, аалам, жер жүзү. *Ал уулум баатырлардын баатыры эле Жаханга жалын чачкан кызыл туудан* (Аалы).

ЖАШ I *зат.* Дүүлүккөн, ооруксунган абалда же ыйлаганда көздөгү бездер аркылуу бөлүнүп чыгуучу тунук жана туздуураак келген суу сыяктуу суюктук. *Аялдын көзүнөн жашы кылгыра түшүптүр* (Абдукаримов). *Анархан менен Сакадай көз жаштарын көл кылып, карааны акмалап баратат* (Жантөшев).

ЖАШ II *зат.* Адамдын өмүрүн жыл боюнча эсептөө ченеми, өмүр чени. *Эр ортону — элүү жаш* (макал). *Жашы келип калган адам.*

ЖАШ III *сын.* 1. Өсүп келе жаткан, өсүп жетиле элек, токтоло элек, кары эмес (адам жөнүндө). *Калктын көпчүлүгү жаштар* (Сыдыкбеков). *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул). *Жаш келсе ишке, кары келсе ашка* (макал).

2. Быша элек, жетиле элек, толо элек (жаныбарлар, өсүмдүктөр ж. б. жөнүндө). *Жаш мал. Жаш чырпык. Жаш мөмөлөр. Бозосу жаш экен, жакшы жетилбептир.*

3. Жаңы. *Жаш сорпо. Жаш кар.*

ЖАША *этиш.* 1. Өмүр сүрүү, өмүрдүү болуу. *Карысам да, өлгүм келбейт. Менин да жашагым келет!* (Абдукаримов). *Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет* (макал).

2. Белгилүү бир жерде туруу, турмуш өткөрүү. *Жерде турмуш күлкү менен өткөндөй, Асманда да күлүп гана жашайбыз* (Осмонов). *Элден-журттан бөлүнүп, Эченден бери жашадым* («Эр Табылды»).

3. Ийгиликтерге жетишүүсүнө, гүлдөп өнүгүшүнө тилектеш экендикти билдирүү. *Жаша, гүлдө Кыргызстан, Жаркыраган чыгыштан!* (Үмөталиев). *Баракелде, жаша, жигит!* (Аалы).

ЖАШАҢ *сын.* Жайкалган көк. *Жашаң чөп.*

◆ **Көк жашаң** — жайкалып өскөн көк чөп. *Ашуунун ары түшө калыш жери көк жашаң эле* (Баялинов).

ЖАШАҢДУУ *сын.* Жашыл чөптүү, жайкалган көк чөптүү. *Жээк жашаңдуу, бадалдуу жашыл токой* (Касымбеков).

ЖАШАР I *сын.* Белгилүү бир жашка чыккан. *Он үч жашар кыз* (Байтемиров). *Он жашар жалгыз баламды Ойлонуп күндө сагындым* (Токтогул).

ЖАШАР II *этиш.* Жаш болуу, баштагыдан бир кыйла жаш көрүнүү, жаңыруу. *Сексендеги Байымбет Жигит болуп жашарды* (Тоголок Молдо). *Кайрат берип партия, Кайра баштан жашардым* (Осмонкул).

ЖАШАРТ жашар этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШАРУУ жашар этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШАТ жаша этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШАЯЛМЕТ *сын.* Жаш балдары бар, жаш балдары көп. *Аялдын оорусу жашаялмет үй-бүлө үчүн чоң кырсык* (Каимов). [*Эгинди*].. *жашаялмет катын-балдар жазы-жайы тынбай тырмактап өстүрөт* (Айтматов).

ЖАШОО жаша этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШООРУ *этиш.* Ыйламсыроо, көзүн жашылдантуу, көздөн жаш кылгыруу. *Саадаткан турду жашооруп, Кулпунган өңү бозоруп* (Бөкөнбаев). *Жарк этип күлүп койбосоң, Жашооруйм кээде жабыгам* (Маликов).

ЖАШООРУТ жашоору этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШООРУУ жашоору этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШТАШ *сын.* Жашы тең, жашы бирдей, бир мезгилде туулган. *Бектай Кычан менен жашташ*(Бейшеналиев). *Ал сени менен жашташ болучу* (Аалы).

ЖАШТУУ *сын.* Көзүндө жашы бар, жаш чыккан. *Анархан жаштуу көзү менен суз гана карады* (Жантөшев). *Ким айыптуу кандуу, жаштуу согушка* (Аалы).

ЖАШТЫК *зат.* Жаш кез, жаш чак, өспүрүм убагынан тартып, улгая баштаганга чейинки курак. *Алтын жаштык кандай сонун* (Жантөшев). *Жаштык*

кез — майтарылбас алмаз курал, Жаштык кез — көз жетпеген бийик мунар (Бөкөнбаев).

ЖАШУУ жашы этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШЧЫЛЫК *зат.* Жаштык, жаш кез, акыл токтото элек, оюн-күлкү менен өтөр өмүр. *Жашчылыктын байрагын Желпип өстүң, жаш бурак* (Бөкөнбаев). *Кимдин башынан өтпөгөн жашчылык* (Жантөшев). *Күндө үч убак май берип, Сыйласаң келбейт жашчылык, Күнүгө арман күү чертип, Ыйласаң, келбейт жашчылык* (Токтогул).

ЖАШЫ *этиш.* 1. Ыйлагысы келүү, ыйлап жибере жаздоо, бошоп, зээни кейип, көзүнө жаш алып жиберүү. *Бала кезде ырдасам, Бардык адам жашыган* (Токтогул). *Баланы көргөндө жүрөгүм элжиреп, ого бетер жашып кеттим* (Абдукаримов).

2. Бүткөн бою бошоп, алсырай түшүү, ымшуу. *Үч күндөн бери алым кетип, алка-шалка түшүп тердеп, этим жашыйт, басууга каруум жок* («Ала-Тоо»).

3. Даамы жок болуу, оозго даамы келбөө (кыйналып өлгөн же кыйнап союлган малдын эти жөнүндө). *Эти жашып калыптыр. Жашыган эт.*

4. Отко салып ысытуу аркылуу кыпкызыл болуп жумшарган абалга келүү, усталар узанууга ылайыкталуу (темир жана андан башка металлдар жөнүндө); отко салуудан курчу кетип, жумшарып калуу, жашык абалга келүү (темир жана темирден жасалган ар кандай куралдар, буюмдар жөнүндө).

ЖАШЫК *сын.* 1. Абдан арык, даамы жок (эт жөнүндө). *Жашык эт. Эти жашык. Көк жашык этти жемек түгүл, көргөн киши иренжий турган* («Чалкан»).

2. Кайраты жок, кайраттана албаган, болор-болбос нерсеге жашып кетүүчү. *Ушундай да жашык кишиболобу?* (Жантөшев).

3. Өтүмү жок, жалтак, кайратсыз. *Жамы журтуң козголсо, Жашыктын бири мен эмес* (Нуркамал). *Арасында жашык жок Курчтан элең, Токтогул* (Бөкөнбаев).

4. Курчтук сапатынан ажыраган, жумшак болуп, курчу кетип калган. *Жашык темир.*

ЖАШЫКТЫК *зат.* 1. Арыктык, абдан арыктагандык, арыктап болгондук.

2. Ыйлактагандык, болор-болбос нерсеге жашып кетүүчүлүк, кайратсыздык. — *Алда, Акиш-ай, жашыктыгың али да калбаган экен* (Жантөшев).

3. Өтүмү жоктук, жалтактык, кайраты жоктук.

4. Курч эместик, жумшап, курчу кетип калгандык.

ЖАШЫЛ *сын.* Көгөрүп турган чөп сыяктуу түс. *Жашыл гүл. Жашыл жибек шай көйнөк* (Токтогул). *Жашыл оңот, жаш чоңоёт* (макал).

ЖАШЫЛДА *этиш.* Жашыл түскө боёо, жашыл түс берүү. *Жашылдады талааны Жайнап эмгек карааны* (Бөкөнбаев). *Жапан чөл бетин жашылдап, Кайнаган эмгек бетинде* (Бөкөнбаев).

ЖАШЫЛДАН *этиш.* Жашыл түскө кирүү, көгөрүп өсүү. *Жашылданып мөмө төккөн алма жыгачы* (Сыдыкбеков). *Талаа жашылданды* (Бөкөнбаев).

◆ **Көзү жашылдануу** — көзүнөн жаш чыга турган болуп, ыйлап жиберүүгө аз калуу. *Энесин көргөндө көзү жашылданып кетти* (Бейшеналиев). [*Зейнептин*] *Көзү жашылдана түштү* (Абдукаримов).

ЖАШЫЛДАНДЫР 1. жашылдан этишинин аркылуу мамилеси.

2. Бак-дарак, бадал отургузуп көктөндүрүү.

ЖАШЫЛДАНДЫРУУ жашылдандыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШЫЛДАНТ жашылдан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШЫЛДАНУУ жашылдан этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШЫЛЧА *зат.* Пияз, сабиз, капуста сыяктуу огород өсүмдүктөрүнүн жалпы наамы. *Эрте бышуучу жашылчалар. Жашылча өсүмдүктөрү.*

ЖАШЫН *этиш.* Көрүнбөө үчүн калкалануу, чүмкөнүү, далдалануу, бекинүү. *Жашынгандын айгагы—иттин үнү* (Аалы). *Төө минип, эчкиге жашынба* (макал).

ЖАШЫНБАК жашынмак менен бирдей.

ЖАШЫНМАК *зат.* Бирөө издеп, башкалары жашынып, белгилүү эреже боюнча ойноло турган балдар оюну. *Жашынмак ойнот бекинген Таштарын Сырга таанды* (Бөкөнбаев).

ЖАШЫНУУ жашын этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШЫНТ жашын этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШЫР *этиш.* 1. Көрсөтпөө, катып коюу; далдалап, жаап, бекитип коюу. *Семен Токтогулду.. карагайга жашырат* (Бөкөнбаев). *Балдар үч күндөн бери жашырын жүргөн буюмдарын бүгүн гана ачыкка чыгарышты* («Жаш ленинчи»).

2. Чынын айтпоо, билгизбөө, өз ичинде сактоо. *Айганыш бир канчалык сырларын кыздардан жашырды* (Байтемиров).

ЖАШЫРМАЙ *зат.* Эки кишинин бир нерсени жашырып ойноочу оюну.

◆ **Чөп жашырмай** — чөп катып ойногон оюндун аты. **Томук жашырмай** *же* **томук катмай** *к.* **томук I.**

ЖАШЫРТ жашыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАШЫРУУ жашыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖАШЫРУУН жашырын менен бирдей.

ЖАШЫРЫК жашырын менен бирдей.

ЖАШЫРЫН I *сын.* Ачык эмес, башка бирөөлөр билүүгө болбой турган, астыртан. *Жашырын добуш. Жашырын түрдө. Жашырын ат. Жашырын кабар.*

ЖАШЫРЫН II жашыр этишинин өздүк мамилеси.

ЖАШЫРЫШ жашыр этишинин кош мамилеси.

ЖАШЫТ жашы этишинин аркылуу мамилеси.

ЖАЮУ жай этишинин кыймыл атоочу.

ЖАЯ *зат.* Жылкынын казысынан башка майлуу уча эти. *Сур чучук, муздай кашка жал, жаясы* (Осмонов). *Алмамбетке ылайык Жая менен жал деди* («Манас»).

ЖАЯН I *зат.* Жырткыч балыктын бир түрү. *Жаян балык.*

ЖАЯН II: кызыл жаян — канга боёлгон, кан төгүлгөн. *Мурду кызыл жаян болуп кетти* (Турусбеков). *Кар кызыл жаян болуп калды* («Ала-Тоо»). *Көчөлөрдө кызыл жаян кан аккан* (Элебаев).

ЖЕ I жээ менен бирдей.

ЖЕ II *байл.* Сүйлөм мүчөлөрүн жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу божомолдогуч байламта.

ЖЕ III *этиш.* 1. Тамактануу, тамак ичүү, тамагы үчүн пайдалануу. *Тамак же. Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла* (макал).

2. Башка бирөөнүн акысын, башкага, көпчүлүккө таандык болгон мүлктү өз пайдасына жумшап, сиңирип кетүү. *Акымды жеп кетти. Кудайдан коркушса, сенин эмгегиңди жешпес* (Аалы). *Күндө жейсиң айыптап Бүтүн журттун баарысын* (Токтогул).

3. Жемирип кетүү, кемитип, кемтик кылып кетүү, оюп кетүү, алып кетүү. *Суу жеп кетти. Сатар менен Абаз кыян жеген андан өтө албай буйдала түшүштү* (Таштемиров). *Колумду акиташ жеп кетти.*

◆ **Кулак-мээни жейт** *к.* мээ. **Кам жеш** *к.* **кам I.**

ЖЕБЕ *зат.* 1. Жаа. *Жебе тарт. Алтын жаак сыр жебе* («Эр Төштүк»).

2. Жаанын огу. *Чопкутту тешип өтө албай жебе жерге түштү* («Советтик Кыргызстан»). *Искендер хандын жебеси тешип өткөн калкандын тешигинен балбылдап күйгөн беш жашыл ташты көрдү* (Баялинов).

◆ **Кетмендин жебеси** — кетмендин мизинен тартып бардык жалпак жайыгы, жалкыны.

ЖЕБИРЕ *этиш.* Оозу тынбай көп сүйлөө, бат-бат сүйлөө. *Жебиреген ушакчы* (Аалы). *Ой, жебиреген кошоматчы. Жебиреп эле сүйлөй берет.*

ЖЕБИРЕТ жебире этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕБИРӨӨ жебире этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕГДЕ *зат. диал.* Эркектин сырт көйнөгү. *Алымкул бөз жегдесинин этеги менен көзүн сүртө тышка чыккан* (Абдукаримов).

ЖЕГЕНЕ *зат. диал.* Арык, жөөк. [*Пахтаның*].. *түбүн жумшарткан мен, жегене салган мен.. сугарган мен* (Байтемиров).

ЖЕГИЛИКТҮҮ *сын.* Даамдуу, ширелүү, жүрөккө барымдуу. *Жегиликтүү тамак. Жегиликтүү эти бар.*

ЖЕГИЧ *сын.* 1. Соргок, тамакты көп жеген. *Өтө жегич, соргок көрүнөт. Бул жигит жегич көрүнөт.*

2. *өт.* Шылуун, паракор, бирөөнүн акысын, көпчүлүккө таандык болгон мүлктү өз пайдасына жумшаганды жактыруучу көргөн, арам тамак. *Жегичтерге убал жок* (Тоголок Молдо). *Пайда жегич кишиге Малыңды берип саттырба* (Осмонкул). *Багыңды ачып, малайлар, Ленин тапты акылды. Эл жегичти жоготуп, Күлүн көккө сапырды* (Токтогул).

ЖЕГИЧТИК *зат.* Жеп-ичкенди жактыруучу көргөн шылуундук. *Жегичтиктен, уруулуктан байыган* («САЖИ»).

ЖЕДЕП *такт.* Абдан, өтө, эң эле. *Карылыгың жетип, жедеп бүтүпсүң.* [*Батыш*].. *жедеп үшүгөндө үйгө кирип жылынат* (Байтемиров).

ЖЕДИР же этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЗ *зат.* 1. Кызгылтым сары түстөгү металл. *Төңөлүктөй жез шакек* (Аалы). *Жез кишен бутта шылдырап* (Токтогул).

2. Ушундай металлдан жасалган ар кандай буюм-терим, нерселер.

ЖЕЗДЕ *зат.* Эжесинин күйөөсү. *Ал колхоздо менин жездем бар* (Сыдыкбеков). *Жылдызкан жездесинен уялып, үн чыгарган жок* (Байтемиров).

ЖЕЗДҮҮ *сын.* Жез кошулган, жези көп, жез аралашкан, жез капталган.

ЖЕЗИТ *зат.* Шумшук, митаам, зулум, кан соргуч. *Жетиңиз Ленин кутқарды Жезиттин жаккан отунан* (Токтогул). *Жексендеп жерге жапшырдык Желмогуз душман жезитти* (Бөкөнбаев).

ЖЕЗНАЙ *зат.* Жез сыбызгы, чоор. *Сурнай үнү заңкылдап, Жезнай үнү балылдап* («Сейтек»).

ЖЕЙРЕН *зат.* Кумдуу, чөлдүү жерлерде, талааларда жашоочу кийиктин бир түрү. *Жергелей тартып оттогон, Жейрендер менен аралаш* (Осмонкул).

ЖЕК I: жек-жаат *к.* **жаат.**

ЖЕК II: жек көрүү — жаман көрүү, сүйбөө, жактырбоо. [*Сыдык*] *Айгүл менен Абылбекти жек көрөт* (Жантөшев).

ЖЕКЕ I *зат.* Эпостордо айтылуучу баалуу бут кийим. *Жеке өтүк. Көк найза көлдө койкоюп, Көк жеке бутта чойкоюп* («Манас»).

ЖЕКЕ II *сын.* Жалгыз, өзү, жалаң өзү, жалаң гана, бир гана. *Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер* (макал). *Жеке гана бул эмес. Жеке баштагы кайгы да оңой эмес экен* (Бейшеналиев).

◆ **Жеке бийлик** — башкаруучу өкүлдүн өз колуна топтолгон, өзү гана жүргүзгөн бийлик. **Жеке чарба** — артелге бирикпеген, өзүнчө чарба жүргүзгөн үй-бүлө. *Жанагы жеке чарба деген неме өз ара ынтымакты кетирип, ыркты бузуп, адамдарды жоолаштырып коё тур-*

ган неме турбайбы (Убукеев). **Жекеме-жеке** — эки кишинин же эки тараптын башкаларды аралаштырбай өз ара бет алышуусу, өз ара кездешүүсү. *Чыгыш жеңет, коркпойт алар өлүмдөн, Өлүм коркот жекеме-жеке келгенде* (Аалы). *Жекеме-жеке чакырсаң, Күчүң бирдей келеби?* («Мендирман»).

ЖЕКЕЙ *зат.* Баш кийимдин бир түрү. [*Алтын көкүл Раушандын*].. *башында жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

ЖЕКЕЛЕ *этиш.* 1. Жеке-жеке болуп аракет кылуу, жалгыз өзү чыгуу. *Жекелеп жоого кирбесем!* («Манас»).

2. Жалгыз кишиге эки же андан көп киши каршы чыгуу, көптүгүнө салып, жалгыздап кетүү. *Экөө жекелеп кетти. Жекелесе сени жоо, Найза сунар, болушар* (Үмөталиев).

ЖЕКЕЛЕТ жекеле этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕКЕ́ЛИК *зат.* Жалгыздык, өзүнчө айрым тургандык, көпчүлүк менен бирге болбогондук; бир деген санды билдиргендик. *Мындан кийин дыйкан менен кедейден Кулап түшөт жекеликтин садмагы* (Аалы).

ЖЕКЕ́ЛӨӨ жекеле этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕКЕН *зат.* Сазда өсүүчү, сабагы жумуру жана үзүн келген өсүмдүк. *Ал жердин арпа, сулуу, буудайы.. жел соккон жекендей болуп чайпалып турат* (Байтемиров). *Ээлесек сени, Ысык-Көл, Жээгиңде жекен сазыңды* («Эр Табылды»).

ЖЕКЕНДИ: жекенди тон — эпостордо айтылчу тыш кийимдин бир түрү.

ЖЕКЕНДОС *зат. диал.* Алдыга салына турган эни тайкы, узун төшөк.

ЖЕКЕНДҮҮ *сын.* Жекени бар, жекен өскөн.

ЖЕКЕЧЕ *такт.* Бир өзү, жалгыз өзү, жалаң өзү, өзүнчө. *Кошумча сабакты жекече өткөрөт* («Мугалимдерге жардам»). *Жекече сүйлөшүү.*

ЖЕКЕЧИЛ *зат.* Коллективдин таламы менен эсептешпеген, коллективден обочолонгон, өзүнүн гана, керт башынын гана таламын көздөөчү. *Колхоз куруп коммуналап, Жекечилди жек көрүү* (Бөкөнбаев).

ЖЕКЕЧИЛИК *зат.* Жекече болгондук, жекечил көрүнүш, бир адамдын таламын коомдун таламына каршы коюучулук. *Ар түрдүү мещандык жекечилик көрүнүш* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕКИ зеки менен бирдей. *Маркатайды жекиптир* (Токобаев).

ЖЕКИР *этиш.* Жемелөө, тилдөө, кекетүү. *Каныш Батыйнаны жекире сүйлөдү* (Убукеев).

ЖЕКИРҮҮ жекир этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕКСЕ́Н: жексен кылуу — жоготуу, жок кылуу. [*Гүлайым*].. *чөнтөгүндөгү көк конвертти.. жексен кылуунун айласын издеп чыкты* (Бейшеналиев). *Фашистти жексен кылууга Балбандар турат тирелип* (Бөкөнбаев). **Жексен болуу** — жок болуу, жоголуу.

ЖЕКСЕНДЕ *этиш.* Талкалоо, ойронун чыгаруу, ташын талкан кылуу, жок кылуу. *Жексендеп сени, желмогуз, Жеткиребиз көрүнө* (Бөкөнбаев). *Жексендеп душман жезитти* (Бөкөнбаев).

ЖЕКСЕНДЕТ жексенде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕКСЕНДӨӨ жексенде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕКСӨӨРҮН *сын.* Жек көрүндү, жек көрүмчү, жаман көрүнгөн.

ЖЕКТЕ *этиш.* Жек көрүү, кодулоо, жаман көрүү. *Сөз которуп сени жектер мен эмес* (Шүкүрбеков). *Кудакени жактырбай, Жектеп жүргөн андан көп* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖЕКТЕТ жекте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕКТӨӨ жекте этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕКЧИЛ *сын.* Жек көрүүчү, жек көргүч. *Жетпеген жекчил* (макал).

ЖЕКШЕМБИ *зат.* 1. Бир жуманын ичиндеги жетинчи күн; жалпы дем алыш күнү. *Бүгүн жекшемби — дем алыш* (Сыдыкбеков). *Жекшембиде мугалимдер силерди саякатка алпарышат* (Сыдыкбеков).

ЖЕКШЕМБИЛИК *зат.* Көпчүлүктүн демилгеси боюнча жекшемби күнү (дем алыш күнү) иштелүүчү кандайдыр бир коомдук пайдалуу иш. *Мекемелердин, ишканалардын комсомолдору февраль айында бир нече жекшембиликтерди уюштурушкан* («Советтик Кыргызстан»). *Жекшембиликте өзүм да иштейм дедиң эле, эсиңдеби?* (Байтемиров).

ЖЕЛ I *зат.* Бирде катуулап, бирде акырындап согуучу абанын агымы, шамал. *Коңур жел. Капчыгайдан сыдырым жел сого баштады* (Абдукаримов). *Жел жүрбөсө, чөптүн башы кыймылдабайт* (макал).

◆ **Жел сөз** — куру сөз. **Жел өпкө** — алда көдөн, жеңил мүнөз. *Баарыдан да, Талканбаевдин жел өпкөлүгүн!* («Чалкан») **Жел таман** — көп баскан, бир жерде тура албаган, кыдырып эле басып жүргөндү жакшы көргөн. *Парман менин Айымханым силер айткандай жел таман эмес* (Бөкөнбаев). *Жел таман желипжортуп айылдап жүр, Жээлигип өзүнөзү дайындап жүр* (Тоголок Молдо). **Жели чыгуу** — көөп жүрүп, бой көтөрүп, эч кимди көзүнө илбей жүрүп бир катуу жазадан, кырсыктан улам эсине келүү, сыныл, басына түшүү. **Жел бакан** — шамал болгондо боз үйдүн ичинен тиреп бекитүүчү башы ачакей бакан, шыргый. **Жел боо** — түндүктүн капшыт жаккы эки жанына тагылып, үйдү шамал учурбас үчүн коломтонун башына кагылган казыкка бекитип байлануучу жиптер. **Жел кайык** — шамал менен жүрүүчү кайык. *Тор салып Иван азамат, Айдаганы жел кайык* (Үсөнба-

ев). **Жел тегирмен** — желдин күчү менен жүрүүчү тегирмен.

ЖЕЛ II *этиш.* 1. Катуу басыктан ылдам, текиреңге жетпеген жүрүш менен жүрүү, жорто жүрүү. *Бөрүчө желип бөксөлөп жөнөдү* («Чалкан). *Желип жүрүп отуруу.*

2. *өт.* Үстүртөн кайып өтүү, тереңдеп барбоо. *Жети күнкү жаандан, желип өткөн суу жакшы* (макал).

ЖЕЛ III же этишинин туюк мамилеси.

ЖЕЛАТИН *зат.* Кулинарияда, фотографияда, кино өндүрүшүндө колдонулуучу жыты жана даамы жок түнүк зат.

ЖЕЛБЕГЕЙ *такт.* Эки жеңин кийбестен, үстүнө жеңил жамынган боюнча. *Чапанын желбегей жамынып, үйдөн Каныбек чыкты* (Жантөшев). *Барпы.. ичигин желбегей жамына чуркаган экен* (Байтемиров).

ЖЕЛБЕГЕЙЛЕН *этиш.* Кийимди желбегей (эки жеңин кийбей) жамынуу. *Желбегейленип отурат.*

ЖЕЛБЕГЕЙЛЕНҮҮ желбегейлен этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛБИР: желбир-желбир *туур.* Желпжелп эткен кыймыл, жука нерсенин (мис; чүпүрөктүн) желге ыргалганы. *Жеңиш туусу, Желбир-желбир Жеңиш күүсүн чертейин* (Үмөталиев). *Желек желбир-желбир этст.*

ЖЕЛБИРЕ *этиш.* Желге ыргалуу, желбир-желбир этүү. *Туу желбиреп, барабан кагылууда* (Сыдыкбеков). *Майрамдын көркүн чыгарат, Кызыл туулар желбиреп* (Осмонкул).

ЖЕЛБИРЕТ желбире этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛБИРӨӨ желбире этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛБИРӨӨЧ *зат.* 1. Асылып турган абалда кооздук үчүн тагылган ар түрдүү жасалга.

2. Короздун ээгиндеги саландап турган жумшак кызыл эти. *Желбирөөчүн салбыраткан кызыл короздор* (Каимов).

ЖЕЛБИРТТЕ *этиш.* Тез-тез желпжелп этүү, желбирөө. *Жоолуктун учтары желбирттеди.*

ЖЕЛБИРТТЕТ желбиртте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛГУУР *зат.* Сабанын, атка артылган чаначтын оозуна тыгындалып, андасанда жел чыгарыш үчүн алып, кайра сайып коё турган жыгач шиш, тыгын.

ЖЕЛДЕ *этиш.* Жел жүрүү. *Күн желдей түшүп, мөндүр жаады.*

ЖЕЛДЕН *этиш.* Шамалга чыгып серүүндөө, шамалга, желге сергүү, салкындануу. *Көйнөгүңдүн топчусун чыгарып желденип алсаңчы, балам* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕЛДЕТ I *зат.* 1. Эзүүчүлөр тарабынан өлүм жазасына тартылгандарды өлтүрүү, уруп кыйноо кызматын аткарган адам, баш кесер. *Желдеттерге кердирип, Сазайымды бердирип* (Тоголок Молдо).

2. *тар.* Кандайдыр бир жогорку мансаптагы адамды, көбүнчө монархты кайтаруучу сакчы, аны ээрчиген, тейлеген адам. *Үй көтөрүп, бээ союп, Желдеттерин ээрчитип* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Ырайымсыз, таш боор, зулум. *Биздин жерге желдеттин Буту эркин баса албайт!* (Аалы).

ЖЕЛДЕТ II желде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛДИК *зат.* Ээрдин эки капталына бастырылып, тердиктин үстүнөн коюла турган, кабат-кабат шырылган ат токулгасынын бир бөлүгү. *Желдиги жок ат минсең, Өркөч, бели жоор болот* (Осмонкул). *Алты кабат бир желдик Айлана басып капшырдым* (Бөкөнбаев).

ЖЕЛДИР жел этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛДӨӨ желде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛДҮҮ *сын.* 1. Жели бар; жел жүрүп турган. *Сары өзөн жумшак желдүү, салкын жайда Гүл жыттуу «Кумуш булак» колхозу бар* (Осмонов). *Желдүү жер.*

2. Мүнөзү жеңил, көпкөлөң. *Желдүү жигит.*

ЖЕЛЕ I *зат.* 1. Эки башы эки казыкка керилип, көбүнчө саала турган бээлердин кулундары тизмектелип байлануучу аркан. *Желе тартып бээ байлап, Жердеген колхоз айылы* (Бөкөнбаев). [*Күмүшай*].. *көнөгүн каруусуна илип, желеге карай басты* (Аалы).

2. Жөргөмүштөн бөлүнүп чыгарылган жабышкак суюктуктан пайда болгон жипчелер аркылуу тордолгон тор. *Жөргөмүш желе тартыптыр. Жөргөмүштүн желеси.*

3. Кырка тизмек, катар. *Каркыратурна желе тарт. Келе жаткан кербендей желе тартып* (Үмөталиев).

◆ **Жез кемпирдин желеси** *к.* **кемпир.**

ЖЕЛЕ II *зат.* Жемиштин суусунан жасалган килкилдек таттуу тамак.

ЖЕЛЕК I *зат.* Түрлүүчө түстөгү, формадагы кездемени таякка же узун жыгачка байлап, бир нерсенин белгиси, символу катарында колдонула турган байрак. *Желек көтөрүп жүргөн келин Настен эле* (Убукеев). *Кызыл желек.*

ЖЕЛЕК II *зат. диал.* Эркектердин кебез салынбай тигилген жука күрмөсү. *Бир маалда.. үстүнө ак желек кийген.. жигит келди* (Абдукаримов).

ЖЕЛЕКТҮҮ *сын.* Желеги бар. *Желектүү найза* («Эр Табылды»).

ЖЕЛЕКЧЕ *зат.* Кичинекей желек. *Бригадир колундагы кызыл желекчесин жазгап белги көргөздү* (Убукеев). *Тутказа байланган желекчеси менен.. сурнай муздай жалтырады* (Сыдыкбеков).

ЖЕЛЕЛЕ *этиш.* 1. Желеге байлоо, желеге тизүү. *Желелеп кулун байлаган.*

2. Желе тартуу (**жөргөмүш жөнүндө**). *Жөргөмүш желелеп, өңү өчкөн буюмдар эсимде* («Ала-Тоо»).

ЖЕЛЕЛЕТ *желеле* этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛЕЛӨӨ *желеле* этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛЕТКЕ *зат.* Кыска, жеңи жок тигилген жалаң бешмант. *Анархан желеткесин чечип, Эркинге берди* (Байтемиров). *Алды-да ак шайы желетке кийген Төлөнбай миңбашы келатты* (Абдукаримов).

ЖЕЛИГҮҮ *желик* этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛИК *этиш.* Ээлигүү, делебе козголуу, элеп-желеп болуп, өзүн өзү токтото албоо. *Акмак көпсө, желигет* (Сыдыкбеков). *Акылы жарым азамат, Алты сом тапса желигет* (Осмонкул).

ЖЕЛИКТИР *желик* этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛИМ *зат.* 1. Бир нерсени жабыштыруу, чаптоо үчүн колдонулуучу жабыштыргыч зат; клей. *Сары желим. Желим кыл.*

◆ **Ичкени ирим, жегени желим болуу** — ичкен-жегени аш болбоо, тынчы кетүү санааркап, айласы кетүү. *Эми алардын ичкени ирим, жегени желим болот* (Сасыкбаев).

ЖЕЛИМДЕ *этиш.* Желим менен жабыштыруу, чаптоо. *Желимдеп оозун бекиттим* («Манас»). *Кайра-кайра желимдеп, Чаптап алган экенсиң* (Токтогул).

ЖЕЛИМДЕЛ *желимде* этишинин өздүк мамилеси.

ЖЕЛИМДЕТ *желимде* этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛИМДӨӨ *желимде* этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛИМДҮҮ *сын.* Желим сүртүлгөн, жабышкак, чапталма.

ЖЕЛИМЧИ I *зат.* Чиркей сыяктуу чага турган майда чымын. *Чиркейи да чагат, көбөнү да кан сорот, жадаганда желимчи да тынчтык бербейт* (Алы).

ЖЕЛИМЧИ II *зат.* Желим жасоочу, желим сатуучу адам. *Кадакчы менен желимчи, Куюшкан, жүгөн өрүмчү* («Кедейкан»).

ЖЕЛИН *зат.* Сүт эмүүчү айбандардын (мисалы, үйдүн, койдун ж. б.) эмчектер аркылуу сүт чыгара турган сүт бези. *Бээлердин желиндери жарылып кетмек болду* (Сыдыкбеков). *Байлоодо жулунуп турган музоо томурандагандай бойдон барды да, энесинин желинин сүзүп алды* (Убукеев).

◆ **Желин салуу** — желини чоңоюу, желиндөө (тубарына жакындаган бооз мал жөнүндө). *Ой Калыйпа, билбейсиң, Арык кой желин сала албайт* (Осмонкул). **Кара желин** — сүтү аз, сүтү кем желин. *Эчкиче опо бербеген Кара желин уйлардан Каймак сүтүн алышат* (Сыдыкбеков).

ЖЕЛИНДЕ *этиш.* Тубарына жакындаганда желини чоңоюу, желин салуу. *Тубар койлор желиндеп Туур маалы жеткенде* (Осмонкул).

ЖЕЛИНДЕТ *желинде* этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛИНДӨӨ *желинде* этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛИНДҮҮ *сын.* Желини бар, желини чоң.

ЖЕЛИШ *зат.* Катуу баскандан ылдамыраак, текиреңге жете бербеген жүрүш, жорто жүргөн жүрүш. *Керез артын кылчак-кылчак карап, бөрү желиш менен.. жүрүп олтурду* (Бейшеналиев).

ЖЕЛКЕ *зат.* 1. Моюндун арт жаккы бөлүгү, кежиге.

[*Эне*].. *уйпаланган чачын сылап, желкесине кайрыды* (Байтемиров). *Бай баласы муштап кетсе желкеге, Төгүп жашын, мөгдөп жерди караган* (Бөкөнбаев).

2. Кежиге териси, моюн терисинин кежиге жагы. *Жээн эл болбойт, желке тон болбойт* (макал).

3. Арт жак, бир нерсенин арка жагы. *Айылдын желке жагында. Көпөр мунарасы дөбөнүн желкесинде болучу* (Сасыкбаев). *Бул таштын желкесине салган короо* (Маликов).

◆ **Желкемдин чуңкуру көрсүн** *к.* **чуңкур.**

ЖЕЛКЕЛЕ *этиш.* 1. Желкеден алуу, желкеден кармоо.

2. Бирөөнү алдына салып айдап алуу, бир жакка барууга, иштөөгө, айтканына көнүүгө аргасыз кылуу. *Солдат Каныбекти желкелеп айдап жөнөдү* (Жантөшев). «*Баскын*» *деп айдап желкелеп, Салды токой жолуна* (Токтогул).

ЖЕЛКЕЛӨӨ *желкеле* этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛКИ *зат.* 1. Эриндин жарылып жара болушу, эриндеги жара. *Эрди желки сары жигит* («Ала-Тоо»).

2. Эрди жарылып жара болгон киши.

ЖЕЛМАЯН *зат.* Төөнүн күлүгү, тез жүгүрө турган күлүк төө. *Желбегей торко кийгизип, Желмаянды мингизип* («Манас»).

ЖЕЛМОГУЗ *зат.* 1. Жок нерсеге ишенген адамдардын түшүнүгү боюнча: адамды жеп-жутуп жиберүүчү коркунучтуу жаныбар. *Жалгыз көздүү желмогуз Колунда турам, көрдүңбү, Төштүк!* («Эр Төштүк»). *Ажыдаар болуп атырылат да, Желмогуз болуп умтулат* (Шүкүрбеков).

2. Түрү суук, балакет; ырайымсыз, жырткыч. *Диндин өкүлдөрүн Токтогул желмогуздай көргөн* (Бөкөнбаев). *Жалгызынан айрылган Желмогуз кемпир дедирдиң* («Эр Табылды»).

ЖЕЛП: желп-желп *туур.* Желпилдеп, желбиреп туруу, желпилдеген абал, көрүнүш. *Кылымдар кыз эскирген шайыга окшош, Кайдадыр «желп-желп» этип калып жатат* (Осмонов).

ЖЕЛПИ I: жеңил-желпи — оңой, оңой-олтоң, оор эмес, ит бекер, анча убарасы жок. — *Сиз үйлөнүүнү ошончолук жеңил-желпи нерсе деп ойлойсузбу* (Каимов). *Жеңил-желпи иштен койчудай иш табылар бекен?* («Чалкан»).

ЖЕЛПИ II *этиш.* Ары-бери серпип желдетүү, шамалдатуу. [*Жеңе*].. *колу менен*

бетин желпиди (Убукеев). [Салык].. *мадырайган башын калпагы менен желпип отурду* (Қанмов).

ЖЕЛПИЛДЕ *этиш.* Желп-желп этүү, желбирөө, шамалга ыргалып делбелектөө. *Эки этеги желпилдейт. Жер бети эгин жайкалса, Желпилдеп желге чайкалса* (Бөкөнбаев).

ЖЕЛПИЛДЕТ желпилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛПИЛДЕК *сын.* Желпилдеп, желбиреп туруучу.

ЖЕЛПИЛДӨӨ желпилде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛПИН *этиш.* 1. Желп-желп этип желге ыргалуу. *Кең талаа, тым-тырс болду токтоп жели, Токтолду камыштардын желпингени* (Үмөталиев). *Бой тең ешип эгин, кызылча, Желпинишет жерде өсүмдүк дүрүлдөп* («Советтик Кыргызстан»).

2. Жеңилдик кылуу, мактанып, күрулай күчөнүү, орду жок күүлөнүү. *Кыйратып салган эмедей Кудаке сүйлөйт желпинип* («Манас»). *Желпинип катуу оолукту, Калыкбай менен Аманга* (Тоголок Молдо).

ЖЕЛПИНТ желпин этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕЛПИНҮҮ желпин этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛПҮҮ желпи этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕЛПҮҮР *зат.* Салкындаш үчүн колдонулуучу бүктөлмө, жайык, жука кылып жасалган желпингич, желпүүгө ылайыкталган жазы, жука нерсе. *Экөөбүзгө желпүүр болуп бүткөндөй, Жумшак желге ыргалганда дарагың* (Аалы).

ЖЕЛҮҮ жел этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕМ I *зат.* 1. Малга берилүүчү дан, тоют. *Койлор арпа, күнжара, урпак аралашкан жемди бурдуга сугунушту* (Убукеев). *Жемдик арпа, сулу кампаларда толуп турду* (Сасыкбаев).

2. Канаттуулардын жей турган жалпы эле азыгы, тамагы. *Балдарына жем издеп, Каркыра кетти бечара* (Тоголок Молдо). *Тооктордо жем чачуу.*

◆ **Жем болуу** — алдануу, бирөөгө акысын же башка бирдемесин алдырып жиберүү, талоонго калуу. *Кыргыздар көрүнгөнгө жем болуптур, Көзүнөн жашы агып сел болуптур* (Турусбеков). *Жабыр көрдүк бир далай Кан соргучка жем болуп* (Тоголок Молдо). **Жем салды кылуу** — аз гана, болор-болбос гана таткантып коюу. **Ак жем** — алгыр куштар семирбесин үчүн сууга салып берилүүчү эт. **Қош жем болуу** — жемди, тамакты көп жеп, күптү болуп калуу, жемге, тамакка көңүлү тартпай калуу. *Алымдын жанында отурганы чыныны колуна алып, қош жем болгон кулаалыча кекейип туруп, чайды бир ууртады* (Жантөшев). **Жемин жедирбөө** — башка бирөөгө акысын кетирбөө, алдатпоо. [*Жамийла да*].. *бирөөгө жемин жедирбеген өжөр* (Айтматов). *Андай учурда Жылдызкан жемин жедирмек беле* (Байтемиров).

ЖЕМ II *зат.* Тегирмендин чанагынан түшүп жаткан данды кичинеден жана бир калыпта чубурта турган, чанактын алдына орнотулган бөлүгү. *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы убөлүп аппак ун болуп, чоң ящикке элеңүдө* (Сыдыкбеков).

ЖЕМДЕ *этиш.* Жем берип, жемге байлап багуу. *Жемдеп баккан ат чыдамдуу болот. Күрүчүн күздүк айдаган, Күлүгүн жемдеп байлаган* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЕМДЕТ жемде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕМДӨӨ жемде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕМЕ *зат.* Урушуп, тилдеп, жемелеп, кулак-мээни жеп айтылган сөз. *Жемени жеке сиз айткан эмессиз* (Сыдыкбеков). *Атай жеме үгуп олтурууга чыдай албады* (Бейшеналиев).

◆ **Көр жеме** *к.* **көр I**.

ЖЕМЕКЕЙ *сын.* Каардуу, зулум, кулак-мээни жеген көр жеме, жемекор. *Жемекей киши.*

ЖЕМЕКОР жемекей менен бирдей.

ЖЕМЕЛЕ *этиш.* Жемеге алуу, тилдөө, зекүү, жекирүү. *Сени эч ким жемелей албагандай бол* («Ала-Тоо»). «*Өзүң ойлочу*» — *деди Павел мени жемелеп* (Сасыкбаев).

ЖЕМЕЛЕТ жемеле этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕМЕЛӨӨ жемеле этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕМЕЧИ *сын.* Көп жемелеген, көп тилдеген, жемекей, жемекор. *Жемечи киши көп сүйлөп, Жек көрүнөт келинге* (Токтогул).

ЖЕМИР *этиш.* Бир жак четинен кемире бузуу, бузуп кетүү, кемитүү. *Суу жемирген жар. Бир жак четинен жемирип отуруп, тоодой болгон чоң дөбөнү да түгөтүп болдук* («Ала-Тоо»).

ЖЕМИРИЛ жемир этишинин туюк мамилеси.

ЖЕМИРҮҮ жемир этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕМИШ *зат.* 1. Кээ бир жыгачтардын, бадалдардын желе турган мөмөсү. *Жемиши чексиз, кени көп, Түштүгүм, сендей кайда!* (Аалы). *Жемиш бактары.*

2. *өт.* Ийгилик, жакшы натыйжа. *Машиналар — социалисттик оор индустрияның жемиши* (Сасыкбаев). *Унуттум, кур кылга убакыт аз, Билимдин жемишине кол узатып* (Абдыраманов).

ЖЕМИШТҮҮ *сын.* 1. Жемиши бар, жемиши көп, мөмөлүү. *Биздин Тянь-Шандын бардык жери Чүй өрөөнүндөй жемиштүү болсо* (Аалы). *Көксөп жүргөн алыстан Жемиштүү жерим аманбы?* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Ийгиликтүү, натыйжалуу. *Жемиштүү иш. Мектепте окуп билим алдым жемиштүү* (Осмонкул).

ЖЕМКОР *сын.* Жем жегенди жакшы көргөн, жемге үйрөнүп алган (мал жөнүндө).

ЖЕМКОРОК *сын.* Жемди жакшы көргөн, жемге умтулуп турган.

ЖЕМСӨӨ *зат.* Канаттуулардын, айрым курт-кумурскалардын, үлүлдөрдүн ж. б. жеген жеми аш казанга түшүүдөн мурда жыйналып, жумшартылып тура турган кызыл өңгөчтүн моюн жакка орношкон кең бөлүгү. *Кексе карт жорулар.. чоң жемсөөлөрүн көтөрүшүп, коомай кыймылдары менен айланасын карап, сактанган болушат* (Аалы).

◆ **Кара жемсөө** — эл жегич, зулум. *Кара жемсөө калкка зыян келтирет. Өткөн менен кеткенди Канап-бутап жоготкон, Кара жемсөө хан кайсы* («Манас»).

ЖЕМЧИЛ жемкор менен бирдей.

ЖЕНТЕК *зат.* Бала төрөлгөндө же төө тууганда элге той катарында берилүүчү сары май же кошкон май жана башка даам-татым, тамак-аш. *Кыз тапканда жентек бер* («Ала-Тоо»). *Жентек той. Бермек болду Чыйырды Сегиз бээ союп жентекти* («Манас»).

ЖЕНТЕКТЕ *этиш.* Бала төрөлгөндө, төө тууганда аны куттуктап куда-сөөк, көңүлү жакын адамдар, дасторкон белек алып келүү. *Баласын төрөгөндө ушул комуз менен өзүм жентектеп барам* («Эмгек азаматтары»).

ЖЕНТЕКТЕТ жентекте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕНТЕКТӨӨ жентекте этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕНЬШЕНЬ *зат.* Чыгыш жактарда өсүүчү, тамыры медицинада колдонулуучу өсүмдүк.

ЖЕҢ I *зат.* Кийимдин колго кийилүүчү бөлүгү. *Көйнөктүн жеңи. Чапандын жеңи. Жеңи чолок бешмант.*

◆ **Жең ичинен** — башкаларга билгизбей, жарыя кылбай, тымызын.

ЖЕҢ II *этиш.* 1. Багынтуу, баш ийдирүү, жеңишке ээ болуу, жеңилүүгө аргасыз кылуу. *Биз жеңебиз душманды, Убадасын бузганды* (Тоголок Молдо). *Совет эли жеңди деп, Тарыхта аты жазылды* (Осмонкул).

2. *өт.* Күч, чебердик, өнөр ж. б. жагынан үстөм кылуу, беттешкен, каршы турган тараптан артыкчылыгы бар экендигин көрсөтүү (мис., спортто); ийгиликке жетишүү, жакшы натыйжага ээ болуу, басымдуулук кылуу. *Кайсы команда жеңип чыкты экен?* («Ала-Тоо»). *Айтышып-айтышып отуруп, акыры силер жеңдиңер* («Чалкан»). *Иш бүткүл кайгыны жеңет, көңүлдүн кирин кетирет* (Байтемиров). *Кирипсиңер колхозго, Жокчулукту Түбү менен жеңип сал!* (Турусбеков).

ЖЕҢГЕТАЙ жеңкетай менен бирдей.

ЖЕҢДЕ: жеңдеп коюу — көпчүлүгүн бүтүрүп, аяктатып коюу, бүтө жаздап калуу (мис., иште). *Жумуштун көбүн жеңдеп койду.*

ЖЕҢДҮҮ *сын.* Жеңи бар, жең салынган. *Чолок жеңдүү кара баркыт бешмант [Алтынайдын] көрүнүшүн экилендиргендей болот* (Жантөшев).

ЖЕҢЕ *зат.* 1. Агасынын аялы. *Жеңеси үй саап, сүт көтөрүп киргичекти Зарыл кайнаткан.. самоор да.. шуулдап калат* (Сыдыкбеков). *Жеңем апама айтканы кетти* (Абдукаримов).

2. Жалпы эле өзүнөн улуу кишинин аялы, же өзүнөн улуу аялдарга кайрылганда айтылуучу сөз. — *Билбедик, жеңе! Кыйкырсак кантет, Токтогул, Тигил кызыл-тору жеңени?* (Үсөнбаев).

3. Кыз менен жигиттин ортосунда жүрүүчү аял. *Жеңең менен сүйлөшүп, үн саласың, өзөвөм* (Барпы). — *Жанымда жеңе акылчы Башка жеңелеримден Сенин пейлиң жакынчы* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЖЕҢЕКЕ *зат.* Жеңеге кайрылуунун сылык түрү. *Барбайм, жеңеке!* («Советтик Кыргызстан»). *Эмгектин досу жеңеке, Көйнөгүң болор жибектен* (Бөкөнбаев). *Күзүн көрдүм — көл элинде береке, Капа болот барбай кетсең, жеңеке* (Осмонов).

ЖЕҢЕЛҮҮ *сын.* Жеңеси бар. *Жергесиз келген баланы Жеңелүү кылдым, кырк жигит* («Эр Табылды»).

ЖЕҢИЛ I *сын.* 1. Салмагы аз, оор эмес. *Быйыл торпоктор былтыркыдан арык, салмагы да алда канча жеңил болуп чыкканына биз аябай өкүнөбүз* («Ала-Тоо»). *Атка жеңил тайга чак* (макал).

2. Коркунучтуу эмес, коркунучу жок, катуу эмес (мис., оору). *Чочуба, Касым баатыр, менин жарам жеңил* (Токобаев). *Оорусу жеңил тартайын деп калды* (Маликов).

3. Оңой, кыйын эмес, жөнөкөй. — *Сиз үйлөнүүнү ошончолук жеңил нерсе деп эсептейсизби?* (Каимов). *Бирок менин башыман өткөн кыйынчылыктар айтууга жеңил, угууга оор* (Жантөшев). *Окууга жеңил китеп. Жеңил стилдеги чыгарма.*

4. Шамдагай, баскан-турганы, кыймылы элпек. *Мага караганда сен жеңил эмессиңби, жүгүрүп барып алып келе кой* («Ала-Тоо»).

5. *өт.* Мүнөзү шайкелең, ойлобой иш кылган адам. *Жеңил жигит. Артык жеңил, дардаңкүү, Эң эле чаңдаак жан экен* («Эр Төштүк»).

◆ **Жеңил өнөр жайы** — кеңири керек кылынуучу буюмдарды чыгаруучу өнөр жай тармактары. *Кыргызстандын жеңил өнөр жайы.. ири тармак болуп саналат* («Коммунист»). **Жеңил машина** — жүргүнчүлөрдү, жеңил жүктөрдү ташууга арналган машина. *Алыстан бир жеңил машина келе жатат* (Каимов). **Колу жеңил** — 1) соода-сатык жайларындагы, базардагы товардан өзү сатып алгандан кийин сооданы жандандырып, артынан көбүрөөк сатып алуучуларды ээрчите ала турган адамдарга карата айтылат; 2) мууздаганда малдын жаны тез чыкпай турган болсо, аны мууздаган адам эски ишеним боюнча «колу жеңил» деп аталат; 3) эмдом, дарылоо, төрөтүү ж. б. жагынан ийгиликке ээ болуп, элдик ишенимге кирген табып, дарыкер, бала төрөтүүчү аял ж. б. айтылат. *Байбиче, колуңуз жеңил эмес беле, бала тез түшүп кеткиси*

бардыр (Сыдыкбеков). **Жеңил баа** — баркы жок, кадырсыз, өйдө-төмөн ишке, майда-чүйдага орду жок киришкен, баркын кетирип алган. *Болбогон ишке киришем деп, өзүн жеңил баа кылып алды* («Чалкан»).

ЖЕҢИЛ II жең этишинин туюк мамилеси.

ЖЕҢИЛБЕС *сын.* Багынбас, баш ийбес, моюн сунбас, күчтүү, белсемдүү. *Советтик чекти кайтарып, Жеңилбес кызыл эр турат* (Үмөталиев). *Жеңилбес улуу күрөш.*

ЖЕҢИЛБЕСТИК *зат.* Багынбастык, баш ийбестик, моюн сунбастык, күчтүүлүк, белсемдүүлүк.

ЖЕҢИЛГИС *сын.* Жеңилбеген, жеңүүгө мүмкүн болбогон, күчтүү, белсемдүү. *Жеңилгис армия.*

ЖЕҢИЛДЕ *этиш.* 1. Оордугу азаюу, салмагын азайтуу, жеңил болуу. *Чолпон жеңем жеңилдеген: Элечегин таштаган* (Бөкөнбаев).

2. Оңолуу, түзүк абалга келе баштоо. *Оорусу мурдагыдан жеңилдеп, айыгайын деп калды.*

3. Сергектенүү, өзүн жеңил сезүү. *Жуунганда денеси чыйралып, жеңилдей түштү* («Эл акындары»).

4. Оной, жөнөкөй болуу.

ЖЕҢИЛДЕН жеңилде этишинин өздүк мамилеси.

ЖЕҢИЛДЕТ жеңилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕҢИЛДИК *зат.* 1. Салмагы аздык, оор эместик, салмактуу эместик. *Канча кылган менен жыгачтын суудан жеңилдик касиети бар.*

2. Жөнөкөйлүк, кыйын эместик, оңойлук. *Предметтердин бардык бөлүмдөрү бирдей көлөмдө жана бирдей оор, жеңилдикте эмес* («Мугалимдерге жардам»).

3. Оор-басырыктуу эместик, шашмалык, шайкеледик, олутсуздук. *Ушундай жеңилдик кылуу жарайбы?* (Жантөшев). *Жеңилдик кылып койдуң.*

4. Башкаларга карата жеңилдетилген шарттар, артыкчылыктар, оор шартта калтырбоочулук. *Жеңилдик берүү керек, жаш эмеспи, оңолуп кетер дедик эле* («Чалкан»).

ЖЕҢИЛДӨӨ жеңилде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕҢИЛТ *этиш.* 1. Жеңил кылуу, салмагын азайтуу.

2. Оңолтуу, түзүк абалга келтирүү.

3. Оңойлотуу, жөнөкөйлөтүү.

ЖЕҢИЛТҮҮ жеңилт этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕҢИШ *зат.* 1. Согушта, жоокерчиликте эң болгон ийгилик, жеңип алуу салтанаты. *Фашисттик Германия менен болгон согушта биздин элибиз улуу жеңишке эң болду* («Ала-Тоо»).

2. Спортто, жарышта, мелдеште эң болгон, жеңип алынган, жетишилген ийгилик, жакшы натыйжа. *Спорттук жеңиш. Шахмат оюнунда эң болгон жеңиш.*

3. Кандайдыр бир иште, эмгекте же белгилүү бир максатка карата жетишилген ийгилик, түзүк натыйжа. *Ленинизмдин туусу астында.. партиябыз зор жеңиштерге ээ болду* («Коммунист»). *Куттуктайм эмгек балбанын Эмгекте жеңиши алганын* (Сасыкбаев).

ЖЕҢИШТҮҮ *сын.* Ийгиликтүү, жакшы натыйжалуу, жеңиш менен аяктаган. *Советтердин Ферганада болгон кеңешмеси жеңиштүү аяктаган* (Сасыкбаев). *Бактылуу бол, жеңиштүү кел, Арстан жүрөк бөбөгүм!* (Аалы).

ЖЕҢИШЧИЛ *сын.* Ар дайым жеңип жүрүүчү, жеңишке ээ болуп жүрүүчү, ар дайым жеңишке ээ боло турган. *Жеңишчил желбиреген туулар бизде* (Барпы). *Даңктана бер, жеңишчил күрдөөлдүү калк!* (Сыдыкбеков).

ЖЕҢКЕТАЙ *зат.* Кызды алганы келгенде же күйөөлөп келген кезде күйөө, күйөө жолдоштор тарабынан кыздын жеңелерине берилүүчү акча, ар кандай белектер.

ЖЕҢКЕТАЙЛЫК *сын.* Жеңкетайга бериле турган, жеңкетайга деп ыйгарылган.

ЖЕҢҮҮ жең этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕҢҮҮЧҮ *сын.* Жеңип чыга турган, жеңип чыгуучу. *Биздин күч—жеңүүчү күч* («САЖИ»).

ЖЕПИРЕЙ *этиш.* Жапыз, жалпайып, кичине болуп көрүнүү. *Азыр келген шаардык кыштактын жакшы салынган жаңы үйлөрүнүн катарындагы жепирейген жер кепелердин жөнүн сурады* (Убукеев) *Мына бул жепирейген үйлөргө корогон кайран каражат!* (Шимеев).

ЖЕР *зат.* 1. Күндү тегерете жана өзүнүн огунда айлануучу Күндөн кийинки үчүнчү планета. *Жер күндү тегеренет.*

2. Кургактык (океан, деңиз ж. б. суулларга карама-каршы түшүнүктө). *Мориктар горизонтто жерди көрүштү.*

3. Биздин планетабыздын үстүнкү бети, үстүнкү катмары; кыртыш, топурак. *Шаарда үй жайылып жүрөр эле, Мөңгүрөп жер челишип убап-чубап* (Шүкүрбеков). *Суу мол болуп, жаан жааса, Жайык төш, семиз жер бүрдөйт* (Токобаев).

4. Айдоо, жайыт ж. б. катарында пайдаланылган белгилүү аянт, участок. *Айдоо жерлер кеңиди, Ак буудай арбын себилди* (Үмөталиев). *Жайыт жер. Кайрак жер.*

5. Өлкө, мамлекет, мекен. *Казакстандын жери элсиз эзн талаа болуп келген* («Коммунист»). *Мыскал жаш өмүрдүн кымбат доорун Украина жеринде өткөрүп келди* (Сыдыкбеков).

6. Орун, жай; аралык. *Бул жерде райкомдун өкүлү да отурат* (Убукеев). *Киндик каным тамган жер. Күнчулук жер. Айчылык жер.*

7. Дененин айрым бөлүгү. *Бир жериңиз ооруган жокпу? Оорубаган жерим жок.*

◆ **Жер-жеберине жетүү**— 1) аябай тилдөө, абдан тилдөө; 2) майда-чүйдасынан бери, эчтемесин калтырбай. *Анын жер-жеберине жетүүнүн бизге кереги эмне?*

(«Чалкан»). **Жер төлө** — жерди казып салынган жапыз там, үй; малга даярдалган жер там. **Жер соорусу** — мыкты, сонун, бай, семиз жер. *Бул жарыктык Ысык-Көл, Жер соорусу турбайбы, Жердесе ногой тунбайбы* («Семетей»). **Жер каймактагандан бери** — капкачантан, атам замандан бери, көптөн бери. *Биз дал ошол жер каймактагандан бери адамдын кулагы укпаган нерселерди уугуза турган, аны иш жүзүнө ашыра турган адамбыз* (Байтемиров). **Жер кароо** — уялуу, айласы кетип, тике карай албоо. *Амантур наалып жер карады* (Убукеев). *Кандайдыр бир кара сакалдын доосу менен эл караган бетим жер карап олтурса эмненин тамтыгы!* (Каимов). **Өлбөгөн жерде калуу** *к.* **өл II. Жер чечегин безөө** *к.* **безе. Жер семирткич** *к.* **семирткич.**

ЖЕРГЕ *зат.* Эл-журт, ага-тууган, атамекен.

ЖЕРГЕЛҮҮ *сын.* Эл-журту, ага-тууганы, ата-мекени бар.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ *сын.* 1. Ушул жерлик, ушул жерде мурдатан туруктуу жашап келген, башка жактык эмес. *Жергиликтүү эл. Жергиликтүү жашаган калктар.*

2. Жалпы мамлекеттик эмес, белгилүү территорияга, районго таандык, ошол территорияга тиешеси бар. *Эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтери. Жергиликтүү бюджет.*

3. Башка жактан алынып келбеген, ушул жердин өзүндө өндүрүлгөн, даярдалган, ушул жерде мурдатан бар болгон. *Жергиликтүү продуктылар. Жергиликтүү товарлар. Жергиликтүү өнөр жай.*

4. Белгилүү бир жайга, жерге, шартка таандык, мүнөздүү болгон, ошого ылайыкташылган. *Жергиликтүү шарттар.*

ЖЕРДЕ *этиш.* Белгилүү бир жерде жашоо, белгилүү бир жерде туруу, ошол жерди мекендөө.

ЖЕРДЕТ жерде этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕРДЕШ *сын.* Бир жерде туулуп-өскөн, бир жерде жашаган. *Күнү-түнү тилейминг Көрсөм деп жердеш тууганды* (Токтогул). *[Гүлайым].. жердештерин көргөндө жолдоторунан бөлүнө жөнөдү* (Бейшеналиев).

ЖЕРДИГИ *зат.* Теги, чыккан түбү, негизи. *Баатыр элден өскөн деп, Жердигиңди сүйгөмүн* (Нуркамал). *Атам эр, элим да эр, жердигим эр* (Мидин). *Товары жакшы, жердиги — бостон* (Таштемиров).

ЖЕРДИК *сын.* Белгилүү бир жерге таандык, тиешелүү. *Жердик куш. Аты Мурат, ушул жердик жан экен* (Үмөталиев).

ЖЕРДӨӨ жерде этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕРДӨӨЧҮ *сын.* Белгилүү бир жерде турган, белгилүү бир жерде жашоочу.

ЖЕРДҮҮ *сын.* Жери бар; жери көп. *Кедейлерди жердүү кылды* («Эркин тоо»).

ЖЕРИ *этиш.* 1. Жатыркоо, четтөө, качуу. *Сайраса боюм эриди, Санааны жаным жериди* («Семетей»). *Казы, чучук жесем деп, Жарма, нанды жерибе!* («Ала-Тоо»).

2. Өзүнүн баласын жанына жолотпой, эмизбей, бакпай коюу. *Кой козусун жерип кетти. Антпесе козуну энеси жерип чатак салат* (Жантөшев).

ЖЕРИК талгак менен бирдей.

ЖЕРИТ жери этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕРСИ *этиш.* Жерин сагынуу, өз жерин эңсөө, самоо.

ЖЕРСИН *этиш.* Бир жерге жердеп калуу, ошол жерде жашап калуу, бир жерге үйрөнүп калуу.

ЖЕРҮҮ жери этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕСЕ *этиш.* Жесекке чыгуу, жесекте туруу. *Жесек жесеп, жеңиштүү кайттык* (Жантөшев).

ЖЕСЕК *зат.* Кароол. *Жесекте турган сен эмес, Жериңди чаап аламын* («Курманбек»).

ЖЕСЕКЧИ *зат.* Кароолчу, чалгынчы, жесекте турган адам. *Жесекчи кыбалуу кыраакы болбосо жол чалынабы* (Жантөшев).

ЖЕСИР *зат.* Тул; эри өлгөн аял же аялы өлгөн эркек. *Суураке жесир калды* (Жантөшев). *Жесирдин көөнүн оорутуп, Жетимди башка муштаба!* (Тоголок Молдо).

ЖЕСИРДИК *зат.* Жесир калгандык, жесир болгондук. *Жек көрүмчү болушуп, Жесирдик тартсын алганы* («Таалай жомогу»).

ЖЕТ *этиш.* 1. Белгилүү бир жерге, орунга баруу. *Шаарга жеттик. Чуу чыккан жерге элден мурун жетет* (Байтемиров).

2. Жетиштүү болуу, кемип калбоо, аз болуп калбоо. *Кара нан жетпей ич ооруп, Турмушу кетти тарыга* (Токтогул).

3. Белгилүү кыракка келүү, белгилүү жашка чыгуу. *Өзү ушул жашка келсе, балдары эр жетип калгандыр* (Касымбеков). *Бойго жеткен уландар.*

4. Бир нерсенин учуру, убактысы, маалы келүү; акыркы чегине баруу. *Күн жетти, мына эми жеңиш бизде* (Нуркамал). *Тубар койлор желиндеп, Туур маалы жеткенде* (Осмонкул). *Ажалы жетти.*

5. Тилеги, максаты ж. б. орундоо; ээ болуу. *Анаржан, мен жете албай ал тилекке, Тарттырдым Касым арсыз эселекке* (Абдыраманов). *Даңкка жетти. Муратка жетти. Максатыңа жеткин! Жетпесе ар ким сүйгөнгө, Таалайы анын байланат* (Жантөшев).

6. Жеткиликтүү, жетиштүү болуу. *Мага ушул айткандарың эле жетет, калганын жөн эле кой.* («Ала-Тоо»). — *Жетет, мындан кийинки келген машиналарды башка жакка жөнөткүлө* («Ала-Тоо»).

◆ **Төбөсү көккө жетүү** *к.* **төбө. Түбүнө жетүү** — жок кылуу, ойронун чыгаруу, жоготуу. *Опсуз тентек чырагым,*

Жеттиң менин түбүмө («Манас»). *Жетимдин жетемин акыр түбүнө* («Саринжи — Бөкөй»).

ЖЕТЕ *зат.* Түбү, теги, ата-бабасы, негизи. *Жетеси жаман. Жетесинде жок болсо, Жетилет деп санаба* (Токтогул).

ЖЕТЕК *зат.* 1. Жетелөө, жетелеп, коштоп алып жүрүү абалы. *Жетекке жакшы жүргөн ат. Жетекке бош ат коштогун* («Курманбек»). *Жүрө берет жетекке, Жүккө бели талыбас, Катар басып жайылган Колхоздордун төөсү бар* (Осмонкул).

2. Бирөөнүн айтканы менен болуу, бирөөнүн жетекчилиги менен жүрүү. [*Чүкөбай*] *Зууранын жетеги, кеңеши менен иштээр эле* (Баялинов). — *Мен качанга чейин сенин жетегиңде жүрөм* (Каимов).

ЖЕТЕКТЕ *этиш.* 1. Коштоп алуу, жетелеп алуу. *Жыгып алып атыңы, Жетектейсиң, басмачы* (Барпы).

2. Бирөөнү өзүнүн ою менен башкаруу, өзүнө багынтуу, жетекчилик кылуу.

ЖЕТЕКТЕТ жетекте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТЕКТӨӨ жетекте этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕТЕКЧИ *зат.* Башкаруучу, жол көрсөтүүчү, башчылык кылуучу. *Жетекчи кызматчылар. Жетекчи органдар.*

ЖЕТЕКЧИЛИК *зат.* Башкаруучулук, жол көрсөтүүчүлүк, башчылык кылгандык. — *Биз да ошол Аким жетекчилик кылган колхозго саякатка барабыз, агай!* (Сыдыкбеков). [*Мукай*] «*Жаш гвардия*» *атындагы отрядга жетекчилик кылат* (Таштемиров).

ЖЕТЕЛЕ *этиш.* 1. Колунан кармап же коштоп ээрчитип алуу. *Чаргын Айшаны антаңдатып жетелеп алган* (Сыдыкбеков). *Алды жакта атты жетелеп Алымкул баратат* (Абдукаримов).

2. Жол баштоо, жол көрсөтүү, башкаруу, ээрчитүү. *Комсомолдор алдыбызда Жол көрсөтөт жетелеп* (Осмонкул). *Жетелеп төтө менен алып барчу, Кулак сал, Лениндин партиясы* (Турусбеков). *Түйлаган азоо турмушту Ээрчиттик бүгүн жетелеп* (Аалы).

ЖЕТЕЛЕМЕ *сын.* Бирөөнүн жетегинде жүргөн, бирөөнун айтканы, ою менен болгон, өз алдынча эмес. *Азыр мен жетелеме тайлакмын* («Саринжи — Бөкөй»).

ЖЕТЕЛЕН жетеле этишинин өздүк мамилеси.

ЖЕТЕЛЕТ жетеле этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТЕЛЕШ жетеле этишинин кош мамилеси.

ЖЕТЕЛӨӨ жетеле этишнин кыймыл атоочу.

ЖЕТЕЛҮҮ *сын.* Жетеси бар. *Жетелүү адам өзү билет.*

ЖЕТЕРЛИК *сын.* Жеткиликтүү, жете тургандай. *Төлөйүн десем ага жетерлик каражатым да жок* (Байтемиров).

ЖЕТЕСИЗ *сын.* Тексиз; акылсыз. *Жетесизге кеп айтсаң, беттен алып аркырайт.*

ЖЕТИ *сан.* 7 саны, эсеби. *Жети сааттык жумуш күнү. Орок бөрүдөй жалаган жети инисин ээрчитип алыптыр* (Сыдыкбеков). *Жетимдин карды жети кат* (макал).

ЖЕТИК *сын.* Акылман, даанышман, акылы абдан жеткен. *Жетигиң Ленин куткарды, Жезиттин жаккан отунан* (Токтогул). *Акыл менен иш кылат Адамдардын жетиги* (Тоголок Молдо).

ЖЕТИКТИК *зат.* Акылмандык, даанышмандык, акылы абдан жетилгендик. *Айчүрөктүн акылынын жетиктигине таң калды.*

ЖЕТИЛ *этиш.* 1. Белгилүү бир деңгээлге жете өсүү, өнүгүү, толуу, бышуу. *Жетилген козу. Бала быйыл жетилип калган экен* («Ала-Тоо»). *Жыл сайын жетилесиң, көгөрөсүң, Бутактап, барчабарча көбөйөсүң* (Нуркамал). *Ак өрүк бышып, мөмөлөр жетиле баштады* (Абдукаримов).

2. Өсүп-өнүгүү, өсүп жетүү, баралына келүү, толуу, толукталуу. *Кыргыздар өсүп жетилдиң* (Бөкөнбаев). *Жетекчиң Компартия катарына, Жетилди өзүңөрдөн нечен-нечен* (Нуркамал). *Мына, жетилет деген ушу, Москөвгө кызың баратса, оңой жөрөлгө бекен?* (Байтемиров). *Кетилгени жетилип, Кемтиги жок болуптур* («Эр Табылды»).

ЖЕТИЛИК *зат.* 1. Өлгөн кишиге багыштап куран окутуп, эл чакырып, жети күндөн кийин берилүүчү тамак. *Эртең азыраак май, күрүч берейин, ошону менен жетилик өңдөнтүп куран окуттуруп кой* (Жантөшев).

2. Ойноло турган картанын жети очколуу кагазы. *Карганын жетилиги. Чырымдын жетилиги.*

ЖЕТИЛТ жетил этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТИЛҮҮ жетил этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕТИМ *зат.* Ата-энеси же алардын бири өлүп калган бала же жаш айбан. *Сабыр атадан жаш калып жетим өскөн* (Сыдыкбеков). *Жетим калды улагы, Энеси ташка сулады* (Шүкүрбеков). *Жетим өз киндигин өзү кесет* (макал).

◆ **Жетим көпөлөк** —түн ичинде шамдын жарыгына учуп келип, ошонун айланасында учуп жүрүүчү боз көпөлөк. *Бир жетим көпөлөк лампаны чарк айланып, дырылдап учуп жатты* (Баялинов). *Жарыкка келген жетим көпөлөктөр эбелектейт* (Сыдыкбеков). **Тоголок жетим** — атасы да, энеси да жок бала. *Мусабек ата-энеден айрылып, тоголок жетим калды* (Абдумомунов). **Жетим кабырга** *к.* **кабырга.**

ЖЕТИМДИК *зат.* Жетим калгандык. жетимдин абалы. *Ата-энесиз баламын, Жетимдигим—жаманым* («Кедейкан»). *Ал кезде жетимдиктин жана жокчулуктун каарын тартып жүргөн кезим эле* (Тоголок Молдо).

ЖЕТИМИШ *сан.* 70 саны, эсеби. *Же-*

тимиш улут элдерди Жетилтип орус баштадың (Аалы). [*Дмитрий*] *мына быйыл жетимиштен ашты* (Сыдыкбеков).

ЖЕТИМИШИНЧИ *сан.* Жетимиштин иреттик саны. *Жетимишинчи жыл.*

ЖЕТИМКАНА *зат. эс.* Жетим балдар үйү, детдом. *Совет өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып, жетимкана ачып,.. өстүрүп жатат* (Баялинов).

ЖЕТИМСИРЕ *этиш.* Өзүн жетимдей, жетим калгандай сезүү. *Жал-жал карайт жетимсирейт, Үн жок, сөз жок балапан* (Аалы). *Марфадан тирүүлөй айрылган экенбиз го, — деди.. шахтёрлордун бири жетимсирел* (Сасыкбаев).

ЖЕТИМСИРЕТ жетимсире этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТИМСИРӨӨ жетимсире этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕТИМЧЕ *зат.* Жетим бала (эркелетүү маанисинде). *Обдулуп он үч жашар бир жетимче Сүйлөдү жаман тонун чечип салып* (Бөкөнбаев). *Жетимче Жолон чоңойгон, Таякенин колунда* (Барпы).

ЖЕТИН *этиш.* Бар болуу, жетиштүү болуу, кенелип калуу. *Тамакка, кийимге жетинип калдык. Жүдөөнүн жайын сураган, Эл жетинсе кубанган* (Осмонов).

◆ **Жетине албай калуу** — кубанып, сүйүнүп калуу. *Айымкан кызынын кебине жетине албай күлүп коёт* (Сыдыкбеков).

ЖЕТИНЧИ *сан.* Жетинин иреттик саны. *Эртең майрам, күн жетинчи ноябрь, Ырдоо керек майрам күнү баары бир* (Осмонов). *Жетинчи катар.*

ЖЕТИҢКИРЕ *этиш.* Эптеп жеткен абалда болуу, толук жеткиликтүү болбоо, жетер-жетпес болуп калуу.

ЖЕТИШ *этиш.* 1. Жеткиликтүү болуу, кемип калбоо, тиешелүү өлчөмдө, тиешелүү санда болуу. *Ат жетишпейт. Мага азырынча кассирлик деле жетишет* (Қаимов). *Бир үйдө он бала болсо, оңу тең окуу дешип делпилдейт. Эркеги жетишпей жаткансып, кыздары кошо энтеңдейт* (Сыдыкбеков).

2. Үлгүрүү, өздөштүрүү, бир нерсени иштөөгө, аткарууга чамасы жетүү. *Өзү окуткан бала сабагынан жетишсе, мугалим кубанат* (Сыдыкбеков). *Колхоз бардыгынан жетишип жатат, бир кемчилиги ушул водопровод аркылуу кыштакка суунү жеткирбегенинде* (Таштемиров).

ЖЕТИШЕРЛИК *сын.* Жетиштүү өлчөмдө, жетиштүү санда болгон. *Жетишерлик каражат. Жетишерлик жардам.*

ЖЕТИШКЕНДИК *зат.* Жетишилген ийгилик, жакшы натыйжа. *Алдынкы тажрыйбаларды жана илимдин жетишкендиктерин ар бир колхозго жана совхозго киргизүү.*

ЖЕТИШСИЗ *сын.* Аз, жетиштүү санда эмес, кемчил.

ЖЕТИШСИЗДИК *зат.* 1. Жетиштүү санда болбогондук. *Тамак-аштын жетишсиздиги. Кийим-кече жетишсиздик кылуу.*

2. Иштеги кемчилик, иштин начар жагы.

ЖЕТИШТИР жетиш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТИШТҮҮ *сын.* Жеткиликтүү, толук. *Маданий күчтөр жетиштүү.*

ЖЕТИШҮҮ жетиш этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕТКЕН *сын.* Барып турган, аябаган, өтө эле. *Жеткен куу. Жеткен акмак.*

ЖЕТКИЗ жет этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕТКИЛЕҢ *сын.* 1. Бардык жагынан төп келишкен, жетик, билгич. *Жесир жүрүп ат чапкан Жеткилең жеңең ушул эр* («Манас»). *Жетимиш уруу тил билген, Жеткилең чечен неме ошол* («Манас»).

2. Толук жетиштүү, кемтиги жок. *Ушундай жеткилең турмушту өзүбүз эле куруп алдык дейсиз го?* (Убукеев). *Дасторконуна кыл жукпайт, идиштери жеткилең* (Сыдыкбеков).

ЖЕТКИЛЕҢДИК *зат.* Абдан мыктылык, жетик, өнүккөндүк, билгичтик.

ЖЕТКИЛИКТҮҮ *сын.* Жетиштүү, жетишерлик, кемчил эмес; жеткирилбей, аягына чыгарылбай калбаган. *Каражат жеткиликтүүбү?* («Чалкан»). *Жеткиликтүү изилденген адабий чыгарма.*

ЖЕТКИНЧЕК *зат.* Жаш өспүрүм, өсүп келе жаткан жаштар. *Зуура келип жеткинчектердин ишин көрүп, кубанчынан жылмайды* (Баялинов). *Жаш жеткинчек пионер — Комсомолдун бөбөгү* (Осмонов).

ЖЕТКИР I *сын.* Жетик, жеткилен, ар нерсеге бышкан. *Жеткир бала. Жеткир жигит.*

ЖЕТКИР II жеткиз менен бирдей.

ЖЕТӨӨ *сан.* Жетинин жамдама саны.

ЖЕТҮҮ жет этишинин кыймыл атоочу.

ЖЕШ же этишинин кош мамилеси.

ЖЕШИЛ *этиш.* Сүрүлүүдөн жышылуу, жоюлуу. *Темир аркан да жешилип болгон экен да* (Сасыкбаев).

ЖЕШИЛТ жешил этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЕШИЛҮҮ жешил этишинин кыймыл атоочу.

ЖИБЕК *зат.* 1. Тыт жыгачынын жалбырагы менен азыктанган курттардан өндүрүлүп алынчу жылмакай була, жип. *Келеп жибек. Бүгүн Каныш эпкиндүү кыз Колдон жибек чыйраткан* (Бөкөнбаев).

2. Ушул жиптен токулган кездеме. *Жибек көшөгө. Жибек көйнөк.*

3. *өт.* Сылык, сыпаа, чоюлган (мүнөз жөнүндө). *Мүнөзү жибектей. Кыздын жибеги.*

ЖИБЕКЧИ *зат.* Жибекчилик ишин билген адам.

ЖИБЕКЧИЛИК *зат.* Жибек курттарын багуу, жибек өндүрүү жагынан жүргүзүлүүчү чарба.

ЖИБЕР *этиш.* 1. Бирөөнү же бир нерсени жөнөтүү, бирөөнү бир жакка жум-

шоо. *Алдыңа киши жиберип, Айттырам кабар мен сага* («Эр Табылды»). «*Жибересем» деп ойлосом, Бой тарткан менде бала жок* («Мендирман»).

2. Коё берүү, жүргүзүү. [*Шамбет*].. *арыктарга суу жиберип коёт* (Сыдыкбеков). *Дүйнөгө нуруң жиберип, Ойготкон сенсиң, Октябрь* (Бөкөнбаев).

3. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Мен кубанганымдан кыйкырып жибере жаздадым. Алып жибер. Ичип жибер.*

ЖИБЕРИЛ жибер этишинин туюк мамилеси.

ЖИБЕРТ жибер этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИБЕРҮҮ жибер этишинин кыймыл атоочу.

ЖИБИ *этиш.* 1. Сууланып, нымданып жумшоо, жумшаруу, былпылдап жумшак болуу, бошоо. *Мөңгү жибип, суулар кирди күркүрөп* (Осмонкул). *Жайнаган көк тамырлары жаанга жибип, куду жая салган жибек жоолуктай жер бети үлбүрөй түштү*(Сыдыкбеков).

2. *өт.* Көңүл жумшаруу, көңүлдөнүү, бир аз ийгүү. *Дашанын көңүлү жибип, Ашырга ишеничи, урматы артылды* (Сасыкбаев).

ЖИБИТ жиби этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИБҮҮ жиби этишинин кыймыл атоочу.

ЖИВОПИСТИК *сын.* Живописке таандык. *Живописник мастерская. Живописник чыгарма.*

ЖИВОПИСЬ *зат.* 1. Боёк менен сүрөт тартуу искусствосу. *Живопись сабактары. Адабиятта, живописте, архитектурада кандай укмуш гениалдуу чыгармалар бар* (Шимеев).

2. Искусствонун ушул түрүнө таандык чыгармалар (картиналар ж. б.). «*Берлин 1945-жыл 2-май күнү*» деген этюддары жана ушул сыяктуу Берлинди алуу темасында тартылган живопись, графикалык иштери жеңиш күндөрүндөгү окуяларды жакшы элестете алат («Советтик Кыргызстан»).

ЖИГЕР *зат.* 1. Кайрат, күч, кубат; дем, эрк, көңүл.

2. *диал.* Боор. *Түшкөн мээрди — түртпө, келин, эми эзбегин жигерди* (Аалы).

ЖИГЕРДҮҮ *сын.* Кайраттуу, кубаттуу, демдүү.—*Жолдоштор!—деди Нина Леонтьевна..— жигердүү күч менен, силер чындап эмгектенгиле!* (Сыдыкбеков).

ЖИГЕРДҮҮЛҮК *зат.* Кайраттуулук, кубаттуулук, демдүүлүк.

ЖИГИТ *зат.* 1. Улан, бойго жеткен эркек бала, эр жеткен эркек. *Жигит өзүн менсинет, жигитти кимдер теңсинет* (макал). *Жаш жигит.*

2. Эр, тайманбаган, тартынбаган адам, азамат. *Намыс кылбай, ар кылбай, Жигит болуп калалык, Төштүк* («Эр Төштүк»).

3. *эск.* Манаптын, болуштун жана башка бийлөөчү таптын кызматын кылып, жандап жүргөн адам, малай. *Самсаалы Сагынбай старчындын жигити менен айтыша кетти* (Абдукаримов). *Рыскулбектин кырк жигитинин бири болуп Какшаал кыргыздарына, Иле казактарына жортуулга барып, эчен ирет жылкы да тийиштим* (Аалы).

ЖИГИТСИН *этиш.* Өзүн жигит сезүү, жигит катарында көрүү.

ЖИГИТСИНТ жигитсин этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИГИТСИНҮҮ жигитсин этишинин кыймыл атоочу.

ЖИГИТТИК *сын.* 1. Жигитке таандык, жигит кездерде болгон. *Буга, булбул, кайгырба, Жигиттик милдет ушул да* (Үмөталиев). *Жырдап жүргөн бир кезек Жигиттик доор жашымда* (Тоголок Молдо).

2. Эрдик, баатырдык, азаматтык, ар-намыстуулук. — *Балам, бир жигиттик кыл* («Чалкан»).

ЖИГИТТҮҮ *сын.* Жумшаган, кызматын кылган жигиттери бар. *Кочкордо, Караколдо мекен эткен, Өтүптүр кырк жигиттүү зулум Бектен* (Маликов).

ЖИГИТЧИЛИК *зат.* Жигитке, жигит кезге, жаш чакка таандык болгон касиеттер, сапаттар. *Кош эми, жигитчилик арың болсо, — Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын!* (Осмонов).

ЖИЖИҢ *зат.* Сийдикти көп чыгара турган, сийдик токтобогон оору. *Жижиң бээ.*

ЖИЙДЕ *зат.* Ысык жакта өсүүчү жыгач жана анын мөмөсү, жемиши. *Алма менен өрүк бар, Анар менен жийде бар* (Осмонов).

ЖИЙИРКЕН *этиш.* 1. Көргөндө, мурдуна жаман жыт алганда, тамактын даамы жагымсыз болуп калганда ж. б. учурларда жүрөк айлануу, иренжүү, денеси жыйрыла түшүү. *Силер жийиркенсеңер, анын этин жебей эле койгула* (Қаимов). *Суурдун этин сасык деп жийиркенет, Аюу, кекилик издейт темселеп.*

2. *өт.* Жактырбоо, жамансытуу, кор көрүү. *Датка тизесин кучактап Мамырбайды жийиркене карап, сөөмөйү менен көрсөтүп: — Ал мына бул итти,.. — деди* (Аалы). *Қырсык башка түшкөндө, эл жийиркенип калат* (Байтемиров).

ЖИЙИРКЕНЕРЛИК *сын.* Адамды жийиркентерлик, жийиркенүүгө алып баруучу, жийиркенүүгө себеп болуучу. *Өткөн замандын адам жийиркенерлик каторгалуу уу турмушу* («Советтик Кыргызстан»).

ЖИЙИРКЕНИЧ *зат.* Жийиркенгендик, иренжигендик. *Катуу жийиркеничменен Балык Оозго карады* (Аалы).

ЖИЙИРКЕНИЧТҮҮ *сын.* Адамды жийиркенте турган, иренжите турган. *Жамийла Осмонду бардык күчү менен жекире карап, тигини көздөй жийиркеничтүү түкүрүп, унчукпай четке басты* (Айтматов).

ЖИЙИРКЕНТ жийиркен этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИЙИРКЕНҮҮ жийиркен этишинин кыймыл атоочу.

ЖИК *зат.* 1. Жарака, эки нерсенин кошуп бириктирилген жери, тигиш.

Ашыр көмүрдүн жигин тап, сокмокчу болуп жатыптыр (Сасыкбаев). *Ырбычтаган Тайбуурул Каргып барып тик түшөт, Казандай болгон таштарга Каршы-терши жик түшөт* («Семетей»).

2. Айырма, ички бөлүнүш. *Башкарма ар иштин жигин таба билсе, колхоз оңолот* («Ала-Тоо»). *Эзүүчү залим байлардан, Эсиң алсаң, жаш балдар, Эми жигиң бөлүндү* (Токтогул).

ЖИКИ *зат.* Конок сыяктуу, бирок башы, даны майда чөп өсүмдүгү, ит конок.

ЖИКИЙ *этиш.* Эки ийнин куушура көтөрүп, мойнун ичине тартуу. *Жикийип күчү кетип отурганда, Токону селт эттирди иттер үрүп* (Аалы).

ЖИКИЙТ жикий этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИКИЙҮҮ жикий этишинин кыймыл атоочу.

ЖИКТЕ *этиш.* 1. Жик салуу, жигин табуу.

2. Ажыратуу, айрым топторго бөлүү, чегин ажыратуу.

ЖИКТЕЛ жикте этишинин туюк мамилеси.

ЖИКТЕТ жикте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИЛБИК *зат.* Үйдүн ич өткөк оорусу; ошол оору менен ооруган мал. *жилбик болгон уй.*

ЖИЛИК *зат.* Ичине чучук (майлуу зат) толгон көндөй сөөк жана ошол сөөгү менен бирге эти. *Козунун жото жилиги* (Сасыкбаев). *Бай эшикте жилик чагып отурган экен* («Жомоктор»). *Кыргыз да, ачырканбай кымыз ичет, Кучактап уктап калат бир жилик эт* (Осмонов).

◆ **Жилигин чагуу** — сазайын берүү. *Камынтпай жилигин чагыш керек!* (Турусбеков). **Илик-жилик** *к.* **илик I.**

ЖИЛИКТЕ *этиш.* Союлган малдын этин жилик-жилик кылып бөлүү, жилик-жилиги менен казанга салууга даярдап бузуу.

ЖИЛИКТЕТ жиликте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИЛИКТӨӨ жиликте этишинин кыймыл атоочу.

ЖИЛИНЧЕК *зат.* Кишинин бутунун кызыл ашыгынан жогорку, балтырдан төмөнкү ичке шыйрагы. *Анархан жилинчегине келген сууну кечти* (Жантөшев). *Жилинчегим какшады.*

ЖИН I *зат.* 1. Диний түшүнүк боюнча: шайтан, дөө сыяктуу кара күчтөр. *Жинин чакырган бакшы.*

2. Ачуу, каар, тескери мүнөз. *Кожоюндун жинине тийбе, балаасына калба* (Сасыкбаев). *Чындап жини кармаса, Чыркыратып жанды алган* («Эр Төштүк»).

◆ **Жин тийүү** — 1) акылынан адашуу, жарым эс болуп калуу. *Жин тийгендей ыйлаган* (Токтогул). *Бир күнү келип тилдеди Жин тийгендей жулунуп* (Токтогул); 2) **болор-болбос нерсеге ачуусу келүү, ачууланууу. Жин оору** — мээсинен бузулган оору; жандуу оору.

ЖИН II *зат.* Кепшөөчү айбандардын кулгуп оозуна чыгаруучу сиңире элек тамагы. *Чөгөрүлгөн төөлөр өйдө тургусу келбей, жинин бүркүп, оозун чоё ачуулуу боздошот* (Айтматов). *Чамыным нар чачты жин, Индус дагы жөнөдү* (Аалы).

ЖИНДЕН *этиш.* 1. Жин тийүү, жинди болуу, акылынан адашуу. *Жинденет деген эмине? Бузулганы каныңдын* (Аалы).

2. Ачуусу келүү, каарын төгүп бурканшаркан түшүү. *Унтер-офицер мурункудан беш-бетер жиндене баштады* (Жантөшев).

ЖИНДЕНТ жинден этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИНДЕНҮҮ жинден этишинин кыймыл атоочу.

ЖИНДИ *сын.* 1. Жарым эс, келесоо, делбе. «*Балам жинди болду*» *деп, Дадаң-бай буга дал болду* (Тоголок Молдо). *Көрүнүшүнө караганда жинди же келесоо неме болсо керек* (Жантөшев).

2. Албуут, баш бербеген (табигаттын айрым күчтөрү жөнүндө). *Жинди суунун күчүн алып кул кылган, Көрчү тигил өтүкчүнүн баласын* (Аалы).

ЖИНДИЛЕН *этиш.* 1. Эси жоктук, шайкелендик кылуу, түзүк мүнөздө болбоо, эселектик кылуу. *Үчөө тең аябай мас, жиндиленет* (Шамшиев).

2. **Буркан-шаркан** түшүү, албууттануу. *Жиндиленип агып жаткан Суусун бурду Нарындын* (Бөкөнбаев). *Жиндиленип эзликкен, Баш ийбес жанга жазгы суу* (Бөкөнбаев).

ЖИНДИЛЕНҮҮ жиндилен этишинин кыймыл атоочу.

ЖИНДИЛИК *зат.* 1. Жин сыйпп ооругандык, жинди болгондук. *Жиндиликтин кээри кете элек.*

2. Эси жоктук, жеңил мүнөздүүлүк, шайкелендик. *Жиндинин жиндилик мүнөзү болбосо, аны «жинди» деп ким айтсын* (Аалы).

ЖИНИГҮҮ жиник этишинин кыймыл атоочу.

ЖИНИК *этиш.* 1. Катуу кыйналуу, зоруктуу (көбүнчө тойгон атты катуу чуркатканда, катуу чапканда). *Кашка ат жинигип барып жыгылды* («Чалкан»).

2. Аябай чарчоо, катуу кыйналуу (адам же жалпы эле башка жаныбарлар жөнүндө).

ЖИНИКТИР жиник этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИП *зат.* 1. Жүндөн, кебезден, кендирден жана башка булалардан токуу, тигүү, сайма саюу ж. б. үчүн ийрилген, чыйратылган ар кандай жоондуктагы зат. *Жибек жип. Кара жип. Ак жип. Чарык жип.*

2. Эшилген же чыйратылган боо. *Кыска жип күрмөөгө келбейт* (макал). *Аркан, жибиң жок туруп, Байлап кеттиң карылык* (Тоголок Молдо).

◆ **Жибин тартып көрүү** — байкап көрүү, ой-пикирин, сырын тартуу.

ЖИПКИР *этиш.* Жийиркенүү, иренжип көңүлү айлануу, кускусу келүү. *Даамы жаман экен, жүрөгүм жипкире түштү. Сабырдын жүрөгү жипкире түштү* (Сыдыкбеков).

ЖИПКИРТ жипкир этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИПКИРҮҮ жипкир этишинин кыймыл атоочу.

ЖИРЕ *этиш.* 1. Улам арылатып тилүү (мис., сойгон малдын терисин); жара жүрүү, тиле жүрүү (мис., сууну, абаны ж. б. тоскоолдуктарды). *Кайык түштүккө багыт алып, тумшугу сууну жиреп зымырап баратат* («Ала-Тоо»). *Койдун терисин жиреп сыйыруу.*

2. *өт.* Бирөөнүн айткан сөзүн улантып, андан ары өнүктүрүү, апырта, ашыра сүрөп кетүү. *Барба дебейсиңби, а көрө, кайра аны жиребей* (Байтемиров). *Бирөө мугалимге суроо берсе, калган төртөө жиреп олтурушуп.. чаң салышат* (Бейшеналиев).

ЖИРЕТ жире этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИРЕШ жире этишинин кош мамилеси.

ЖИРӨӨ жире этишинин кыймыл атоочу.

ЖИТ *этиш.* 1. Бир нерсеге кирип кетүү, кирген боюнча көрүнбөй калуу, жок болуп калуу, батып кетүү. *Житкен окту аткан ок табат* (макал). *Чөмөлө салып жүргөндөрдүн карааны бирде көзгө чалдыкса, бирде чөптүн арасына житип кеткендей жок боло түшөт* (Таштемиров).

2. Жоголуп кетүү, көрүнбөй, табылбай калуу. *Аялдын кайда житип кеткенин да билбейм* (Абдукаримов). *Ошондон ары житип кетсе.. мени жылаңач калтырып жүрбө сен [деди Сатай]* (Қасымбеков).

◆Өлбөй-житпей жүрүү—аман-эсен, соосаламат жүрүү. *Өлбөй-житпей бул жерден Өз дүйнөңү чалалы, Эсен-хан көздөй качалы* («Манас»). *«Өлбөй-житпей, Элеман, Дегениме көнгун» дейт* («Эр Төштүк»).

ЖИТИР жит этишинин аркылуу мамилеси.

ЖИТҮҮ жит этишинин кыймыл атоочу.

ЖОБО I *зат.* Белгилүү бир маселе боюнча эрежелердин, закондордун жыйындысы. *Эмгекчилер депутаттарынын жергиликтүү советтерине шайлоолор жөнүндөгү жоболор*

ЖОБО II *этиш.* Жооткотуу, тайсалдатуу. *Сен башка сөзгө жобобо.*

ЖОБОЛОҢ *зат.* Тополоң, дүрбөлөң, тынчсыздануу, чыр-чатак, жаман жорук. *Эр Калыгул жоболоңду баштады* (Үмөталиев). *Сан дүйнөнүн баарына Жоболоңду салды дейт* («Эр Төштүк»).

ЖОБОЛОҢДО *этиш.* Тополондоо, дүрбөлөндөө, тынчсыздануу, жаман жорук баштоо. *Жоболоңдобой тура турчу.*

ЖОБОЛОҢДОО жоболоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ЖОБОЛОҢДОТ жоболоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОБОЛОҢДУУ *сын.* Тополондуу, дүрбөлөңдүү, чыр-чатактуу, жоругу жаман. *Жоболоңдуу жоо чыкса, Жолунан торо чалбайбы* («Мендирман»). *Жоболоңдуу жолго чыкса, эмгектүүнүн этеги булганат* (макал). *Адырлардын тунжурап жымжырт жатышы кандайдыр шектүү, жоболоңдуу сезилет* (Сасыкбаев).

ЖОБУРА *этиш.* Кобурап, бабырап көп сүйлөө. *Сен жобурап сөзгө киргенде, Жолуңду тоспой сактандым* (Тоголок Молдо).

ЖОБУРАТ жобура этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОБУРОО жобура этишинин кыймыл атоочу.

ЖОГДОР *зат.* Төөнүн кежигесиндеги тутам жүн, кээ бир куштардын мойнундагы кооз жүнү. *Булбулдун мунду тилиндей, Бүркүттүн жогдор жүнүндөй* (Тоголок Молдо). *Жогдор, чуудасын кырктырган нар* (Жантөшев).

ЖОГОЛ *этиш.* Жок болуу, көрүнбөй, табылбай калуу. *Ошондон кийин аюу оңолду, Жаман мүнөздөрү жоголду* (Шүкүрбеков). *Жоголгон бычактын сабы алтын* (макал). *— Ботом, сен кайда жоголдуң? — деген Курманын үнү чыкты* (Қаимов).

ЖОГОЛУУ жогол этишинин кыймыл атоочу.

ЖОГОРКУ *сын.* 1. Жогору жактагы, жогору турган. *Айылдын жогорку жагы. Жогорку тоонун этеги. Жылкылардын бардыгын Жолум үйдөн жогорку керүүгө каптатып салды* (Жантөшев).

2. Даражасы, укугу, деңгээли ж. б. белгилери жагынан жогору турган, башкы. *Жогорку Совет. Жогорку бийлик. Жогорку окуу жайы. Жогорку идеялуу чыгарма. Жогорку билимдүү адам.*

3. Артыкча, өзгөчө, эң мыкты. *Жогорку сапат. Жогорку баа.*

4. Мол, көп. *Жогорку түшүм.*

5. Мурда белгилүү болгон, мурдараак айтылып кеткен. *Жогорку айтылгандар. Жогорку айтылып өткөн кептер.*

ЖОГОРТОДОН жогортон менен бирдей.

ЖОГОРТОН *такт.* 1. Өдө жактан, жогору жактан. *Жогортон коктуну көздөй агып жаткан кашка суу* (Турусбеков). *Түн кирип, жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман тынчыды* (Айтматов).

2. Жогорку бийлик мекемелери тараптан. *Жогортон келген буйрук. Жогортон берилген тапшырма.*

ЖОГОРУ *такт.* 1. Өдө, бийик. *Жогору чык. Алёша башын жогору көтөрүп, эки жагын карады* (Жантөшев). *Мырзабек менен Жийдегүл Бекташтын үйүнүн жогору жагындагы ташка чыгып отурушту* (Абдумомунов).

2. Кымбат, башкалардан өйдө, мыкты. *Кулбаш Ражабдын зергерлигин жогору баалап, ушул өнөрдү үйрөнүүнү уулуна кеңеш катары айткан* (Абдукаримов). *Жаман жоктон жогору* (макал).

ЖОГОРУЛА *этиш.* 1. Өйдө карай жүрүү, бийиктөө, жогору карай көтөрүлүү. *Назаров туура көчө менен жогорулай басты* (Убукеев). *Жаңылбапсың. Шаты менен баскандай, Жогорулап тоонун кенин казгандай* (Аалы).

2. Көтөрүлүү, өсүү, даражасы артуу. *Окуучулардын билиминин деңгээли жо*

горулады. Түшүм жылдан жылга жогорулап баратат. Баасы, салмагы жогорулады.

ЖОГОРУЛАТ жогорула этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОГОРУЛОО жогорула этишинин кыймыл атоочу.

ЖОГОТ *этиш.* 1. Бир нерсени жок, жоголгон абалга келтирүү, жок кылуу. *Ошентип, күйкөнү жоготуп, салбырай бастырып келаткан элек* (Сыдыкбеков). *Бороондуу күндө жоготуп, Издетпедим ботойду* (Тоголок Молдо).

2. Ашыра сарыптоо, максатсыз, курулай чыгымдоо, бекеринче чача берүү. *Атадан калган бар малын Сапырып чачып жоготкон* (Тоголок Молдо).

3. Айрылуу, ажыроо. *Кайран жашты жоготуп, Карып келдим, Токтогул* (Токтогул).

4. Жок кылуу, кыйратуу, талкалоо, жоюу. *Жаңынын салтын колдонуп, Жоготтуң эски жорукту* (Бөкөнбаев). *Багын ачып малайлар, Ленин тапты акылды. Эл жеңишти жоготуп, Күлүн көккө сапырды* (Токтогул). *Жоготомун багыңды Жолго чачам жаныңды* (Шүкүрбеков).

ЖОГОТУУ жогот этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЙ I *этиш.* Жок кылуу, жоготуу, бар нерсени жок кылып жиберүү. *Жаңы элдин жаңы курулуш ишин көрчү, Эски адет каранғылык баарын жойду* (Үсөнбаев). *Кыжың-кужуң сөз чыкса, Акырын тыйып, жоюңар* («Мендирман»).

ЖОЙ II: жой болот — абдан курч болот, кескен жерин алып түшкөн курч.

ЖОЙДУ *сын.* Митаам, шум. *Жойду неме.*

ЖОЙДУЛАН *этиш.* Митаамдык кылып жагынуу, жайкаруу. *Жойдуланып алаксытып, Тарагын катып алам тамашалап* (Турусбеков).

ЖОЙДУЛАНУУ жойдулан этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЙДУР жой этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЙЛО *этиш.* Жем издеп шимшип чыгуу, кыдыруу, антарып-тентерүү, аралап чыгуу. *Чыбырын түлкү жойлогон, Чычканын терип тойлогон* («Эр Табылды»). *Калтар, түлкү капталында жойлогон, Суктандырып суусар сууну бойлогон* (Осмонкул). *Душман жойлоп өтпөгөн Чебин сөнүн Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

ЖОЙЛОО жойло этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЙЛОТ жойло этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЙПОКТО *этиш.* Бирөөнүн алдында жасакерленип, өзүн кылмыштуу сезип жойпулануу. *Жойпоктогон түгөнгүр!*

ЖОЙПОКТОО жойпокто этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЙПОКТОТ жойпокто этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЙПУ *сын.* Эки жүздүү, адамдын көзүнө бирди, артына бирди айтуучу, кошоматчы. *[Алымбек].. дагы бир далай жойпу сөздөрдү айтты* (Жантөшев). *[Түркүн].. жойпу баарына түшүнөт* (Бейшеналиев).

ЖОЙПУЛАН *этиш.* Эки жүздүүлүк кылуу, жагынып, кошомат кылуу. *Ишенбе күлкүсүнө, ишин сында, Ал күлүп жойпуланса, көзүңдү ымда* (Аалы). *Таякем жойпулана баштады* («Советтик Кыргызстан»).

ЖОЙПУЛАНУУ жойпулан этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЙПУЛУК *зат.* Жойпулангандык, эки жүздүүлүк, жагынып, кошомат кылгандык. *Кошомат кылуу, жойпулук, Кор кылар бир күн сени алдап* (Бөкөнбаев).

ЖОК *зат.* 1. Бар эместик, бар болбогондук. *Кызда намыс жок болсо, Ата-энесин күйдүрөт* («Мендирман»). *Жокко суу да жок* (макал).

2. Макул эместикти, туура эместикти ж. б. билдирүү же бир нерсени тануу иретинде колдонулат. — *Барасыңбы? — Жок, бара албайм. Жок, мен буга макул эмесмин! Жок, каалабайт! Өрткө бербейт. Тынчтык туусун колунан түк түшүрбөйт* (Үмөталиев).

3. Жоголгон нерсе. *Менин жайым сурасаң, Жок качырып элимден, Суроо салып келемин* («Семетей»). *Таңга маал жок издеп барбай жаның жокпу* (Маликов).

4. Жардылык, кедейлик, колунда болбогондук, муктаждык. *Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет* (макал). *Бактысыз жокко көнөт, барга көнбөй* (макал).

5. Кедей, колунда болбогон, жарды, кембагал. *Бай барынча, жок алынча* (макал). *Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу* (макал).

◆ **Жок дегенде** — эң болбогондо, эч болбогондо. *Жок дегенде алыстан эле жүзүңдү дагы бир көрсөм дегенде эки көзүм төрт* («Ала-Тоо»). **Ага эмне жок!** — «анын эмне тиешеси бар», «ал эмне кийлигишет» деген мааниде колдонулат. **Жөнү жок** — ыксыз, болбогон, обу жок. *Алигиче кала элекпи, жарыктык, Жөнү жокко Кейий берчү пейилиң?* (Турусбеков). **Аты жок** *к.* **ат II.**

ЖОКСУЗ *зат.* Кедей, жарды. *Колунда жоксуз. Колунда жоксузураак.*

ЖОКСУЗДУК *зат.* Кедейлик, жардылык, колунда жоктук. *Келиниң экөөң жоксуздукка кайгырасың, эч кайгырбагыла* («Советтик Кыргызстан»).

ЖОКТО *этиш.* 1. Барбы же жокпу деп түгөлдөө, сурашгыруу, текшерип көрүү. *Жакшы малчы дал ушул — Жоготпой малын жоктосо* (Осмонкул).

2. *өт.* Өлгөн адамдын жакшы жактарын эскерип, кошок кошуп ыйлоо, кайгыруу; өлгөндү эскерип кейүү, ыйлоо. *Кылганын айтып жоктоюн* (Тоголок Молдо). *Журтубуз жоктоп кейиди, Жумганда кара көзүңдү* (Осмонкул). *Жоктогон ый, армандуу үн угулат* (Шүкүрбеков).

ЖОКТОО I *зат.* Кошок. *Түлүн туура тарттырып, Көкөтөйдүн жоктоосун Күү-*

лайымга айттырып («Манас»). *Жоктоо ырлары.*

ЖОКТОО II жокто этишинин кыймыл атоочу.

ЖОКТОТ жокто этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОКТУК *зат.* 1. Болбогондук, жок болуп калгандык. *Бир таруунун жоктугун Митаам кемпир билиптир* («Эр Төштүк»). *Жигиттин кайратынын жоктугу* (Турусбеков).

2. Кедейлик, жардылык. *Байлык не жедирбейт, жоктук не дедирбейт* (макал)

ЖОКЧУЛУК *зат.* Кедейчилик, жардылык, колунда жоктук. *Эсиңдеби кечээ күнкү жокчулук* (Турусбеков). *Он төртүмдөн жалданып, Малай кылдың жокчулук* (Калык). *Жокчулук чиркин болбосо, Жок эле деги кылмышым* (Осмонкул).

ЖОЛ *зат.* 1. Аркы-терки жүрүү, каттоо, басып өтүү үчүн колдонулган тилке жер; ар кандай транспорттун өтүп турган белгилүү бир багыты, жери. *Жалгыз аяк жол. Төтө жол. Шоссе жол. Аба жолу. Суу жолу.*

2. Өтө турган жер. — *Кайда барасыз, баатыр? — деди Бермет абышкасынын жолун торгоп* (Сыдыкбеков). *Каршы чыгып жолуман, Кармап алды колуман* («Кедейкан»).

3. Сапар, жолоочулук, саякат. *Жол жүрүү. Жолоочунун жолдо болгону жакшы. Жол азабы. Жол түйшүгү.*

4. Аракеттин багыты, бир нерсенин өнүгүш, ийгиликке, жеңишке жетиш багыты, жөнү. *Элиң үчүн нечен азап тарткансың, Эркиндиктин жолун туура тапкансың* (Осмонкул). *Байыркы салтын ташташып, Маданий жолго киришти* (Осмонкул).

5. Белгилүү бир максатка жетүүнүн же кандайдыр бир иштин ыгы, амалы, методу. *Алыстан келген жигиттер Таанышуу жолун издеген* (Шамшиев). *Бирок кепти кантип келиштирип айтуунун жолун таба албады* (Каимов).

6. Жазуусу бар же жазыла турган (сызыктуу) кагаздын саптары. [*Динар бараткы*].. *ачып караса, биринчи баракты*н *эң башкы жолуна Аскардын аты жазылган* (Сыдыкбеков). *Биздин ырдын Ар жолунда терең сыр* (Аалы).

7. Тилке-тилке болуп түшүрүлгөн из, катар, сап. *Жол-жол чыт. Жол-жол көчөттөр.*

8. Мүмкүнчүлүк, уруксат. *Сүйлөөгө жол берүү. Жалкоолукка жол бербөө.*

9. Бир нерсе берип сыйлоо, сый кылып берилген белек. *Аздыр-көптүр жолуңарды кылам* (Жантөшев). *Колдон келсе жолуңузду кылсак болот эле* (Жантөшев).

◆ **Жол кире** — жол акы, жол жүргөндүгү үчүн төлөнүүчү акы. **Темир жол** — 1) поезддер жүрүүгө ылайыкталып жасалган рельсалуу жол; 2) темир жолдорду жабдуу, алар аркылуу болгон жол катнашуу жактарын тейлөө ж. б. иштерди жүргүзүүчү мекемелердин жалпы системасы. **Ара жолдо калуу** — көздөгөн жерине, максатына жетпей калуу, белгисиздик, олку-солкулук. *Анын да сөөгү көмүлбөй ара жолдо калыптыр* (Токтогул). *Өлүү эмес же тирүү эмес, ара жолдо турам* (Жантөшев). **Жол жорго** — кичине жоргологон жүрүш. **Келбес жолго кетүү**— кайра кайрылбоо; каза табуу. *Өчөгүшкөн эски душман колунан, Көптөн бери даярдаган огунан, Келбес жолго жолдош Киров жол тартты* (Турусбеков). **Жолуна салуу** — амалын таап жөнөтүп жиберүү, кутулуу. *Сөйкөмдү бердим колуна, Зөөкүрдү салдым жолуна* (Тоголок Молдо). **Жолго коюу** — тартипке салуу, ишти жөнгө салуу, ондоо. — *Мунун негизги себеби эмнеде? — Бизде эмгекти уюштуруу иши жолго коюлбагандыктан* (Каимов). **Жол болсун?** — кайдан, кандай жумуш менен келе жатасың деген мааниде. *Акунжансыңбы? — Жол болсун, үкөм?* (Байтемиров). — *Жол болсун! — деди там үйдөн чыга келген Култай абышка* (Убукеев). **Жолуң болгур** — өкүнүч түрүндө айтылган сөз. — *О, жолуң болгур десе! Жүрөгүбүздү түшүрүп койбодуңбу* (Байтемиров). **Жолуң ачылсын!**— ишиң оңолсун, сапарың ийгиликтүү болсун деген мааниде. *Кудай, ак жолуң ачылсын!* (Сасыкбаев). **Жолу улуу** — салт жагынан улуулук жөнү бар. *Кыздын жолу улуу болот, — деп күлүмсүрөдү* [*Чолпон*] (Байтемиров). **Жолу болуу** — иши ордунан чыгуу, олжолуу болуу. **Жол тартуу** — сапарга чыгуу, жөнөө. *Эми жол тартканы турасыз го? — деп Алымкул ордунан турду* (Абдукаримов). **Мунуңа жол булсун!**—бул эмне кылганың! Дагы эмнени чыгара койдуң! **Жол башчы** —жетекчи. *Жол башчыбыз партия, Акылы мол дарыя* («Жазгыч акындар»). *В. И. Ленин коммунизмдин жеңиши үчүн күрөштө коммунисттик партияны эмгекчилердин жол башчысы катарында карап, ага өтө зор маани берген* («Коммунист»). *Стеналарга жол башчылардын портреттери илинген* (Каимов). **Жол-жосун** — тартип, эреже, каада. *Жол-жосунун кылып үзат.*

ЖОЛБОРС *зат.* 1. Жол-жол темгилдүү, мышыктар тукумуна кирүүчү чоң жырткыч айбан. *Ит үйүр болсо, жолборско үрөт* (макал).

2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк, эч нерседен коркпогон. *Бай Жакыптан туулган Баатыр Манас жолборсу* («Манас»). *Шондо Алмамбет кеп айтат, «Жолборсум Чубак» деп айтат* («Манас»).

ЖОЛБУН *сын.* Башка жактан кошулган, бөтөн, чоочун, адашып жүргөн, теги-түбү белгисиз. *Жолбун мал. Мен да жолбундарды ээрчип, көрбөгөндү көрдүм* («Ала-Тоо»). *Жолу катуу түгөт чал, Жолбун иттей улуп кал* (Тоголок Молдо).

◆ **Жолбун суу** — катуу жамгырда, кар эригенде агып, сай-сайга куюучу,

убактылуу аккан суулар. *Сайга батпай сел жүрүп, Жолбун суулар чамынган* (Токобаев).

ЖОЛДО: жолун жолдоо — бирөөнүн ишин улантуу; бирөөнүн артынан ээрчүү; бирөөнүн кылганын кылуу. *Тигил Чаргындын жолун жолдогон Гүлнар тентек, андан шашма* (Сыдыкбеков). *«Туугандын сөзүн жолдойм» деп, Томсоруп калба, абышка!* (Маликов).

ЖОЛДОО жолдо этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЛДООЧУ *зат.* Ишин улантуучу, бирөөнүн көрсөткөн жолу менен жүрүүчү. *Падышалык өкмөттүн жолун жолдоочуларга каршы күрөшүү биздин эң негизги максатыбыз* (Абдукаримов).

ЖОЛДОШ *зат.* 1. Сапарга бирге чыккан, бирге жол жүргөн адам. *Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат* (макал). *Жанаша жүрсө жаркылдап, Жан жолдошум кырк жигит* («Курманбек»). *Чоло жок сыр айтышар, кайгы жазар, Жолдошум жанымдагы шордуу Назар* (Барпы).

2. Көңүлү, пикири жакын, бири-бирине күйүмдүү, татуу, ынак адамдар. *Жамандыкты жолотпойт Ак тилектүү жолдошум* (Осмонкул). *«Сыр алышкан жолдошторду дагы көрөр бекенмин?» деген суроо Каныбек үчүн табышмак* (Жантөшев).

3. Аялы же күйөөсү. *Атакем кошкон жолдошум, Энекем кошкон теңдешим* («Эр Табылды»). *Жаракөр жан жолдошум Келсе экен деп тилеймин* (Маликов).

◆ **Жолдош-жоро** — бирге жүргөн, бирге иштеген, жолдошчулугу бар тең туштар. *Газеталарды жолдош-жоролоруна окуп берет* (Бөкөнбаев). *Жаштар үйлөрүн, жолдош-жоролорун сагынышты* (Баялинов). **Күйөө жолдош** — күйөөлөп барган жигиттин жолдошу. **Үзөңгү жолдош** — бирге жол жүргөн, иште, кызматта бирге болушкан, бирге эмгектенишкен жолдоштор.

ЖОЛДОШТУК *зат.* Жолдош иретинде болгон мамилеге негизделген жакындык. *Алыш-бериш — жолдоштуктун иши. Узаткандын жолдоштукка тоому жок* (макал).

ЖОЛДОШСУ *этиш.* Жолдошум деп эсептөө, жолдош катарында саноо. *Жолдошсуп келген ар качан Дагы бир досум ал кезде* (Маликов).

ЖОЛДУК *зат.* Кандайдыр бир иш, жакшылык үчүн берилген белек, сыйлык. *Жолдугуна ат берем, Кечиктирбей бат берем* («Эр Табылды»).

ЖОЛДУУ *сын.* 1. Жолу бар, жол салынган.

2. Олжолуу, ийгиликтүү, иши оңолгон, бир нерсеге жетишкен, тилеги ордунан чыккан. *Башынан аялдан жолдуу эр эмки аракетин Бурмага багыттады* («Чалкан»). *Аттан жолдуу.*

ЖОЛО *этиш.* Жакындоо, жакындап баруу; байланышып, алыш-бериш мамилесин түзүп жүрүү. *Үйүмө жолобо. Эски конуштарга өлсөм да жакын жолобойм* (Жантөшев). *Эзн баш болсоң жаныңа, Эч ким жакын жолобойт* (Осмонкул).

ЖОЛОО жоло этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЛООЧУ *зат.* Жол жүргөн, сапар тарткан адам. *Жол турмак кылым бою жолоочу өтмөк, Жол ырын туш тарапка айтып кетмек* (Үмөталиев). *Жолоочуну ээрчип ит өлөт* (макал).

ЖОЛООЧУЛА *этиш.* Жол жүрүү, бир жакка баруу үчүн жолго чыгуу. *Жолоочулап бараткан Бир акем кула атчан* (Турусбеков). *Үрүмчү, Манас, Кашкарга Жолоочулап келген деп* («Курманбек»).

ЖОЛООЧУЛАТ жолоочула этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЛООЧУЛОО жолоочула этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЛООЧУЛУК *зат.* Жолоочу адамдын абалы, жол жүрүп бараткан кишинин шарты. *Жаңы чыктык, жолоочулук бүткөн жок* (Аалы).

ЖОЛОТ жоло этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЛТОЙ: ак жолтой — бактылуу, таалайлуу; жакшылыкты алып келе турган. *Ырысың чоң бактылуусуң ак жолтой* (Аалы). *Сен ак жолтой жигит көрүнөсүң* (Жантөшев). *Астыга салса — ак жолтой, Аркага салса—сан колдой* («Манас»). **Кара жолтой** — бакытсыз, таалайсыз; жамандыкты алып келе турган. *Кара жолтой болдуң.., Эриңди жалмадың* (Жантөшев). *«Кара жолтой болду» деп, Үстүнө ушак жабылат* (Токтогул).

ЖОЛТОО *зат.* Тоскоол, каргаша, кедерги, кесепет. *Балдардын тилегине жолтоо кылбайлы* (Бейшеналиев). — *Аттиң арман-ай, уулуңуз жолтоо болбогондо, иш оңунан чыкмак экен да!* (Жантөшев). *Жолго жолтоо кылбаңыз!* («Эр Табылды»).

ЖОЛУ *зат.* 1. Ирет, мертебе. *Нечен жолу. Эки-үч жолу.*

2. Белгилүү мезгилде, учурда. *Ушул жолу. Кийинки жолу.*

ЖОЛУГУУ жолук этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЛУГУШ жолук этишинин кош мамилеси.

ЖОЛУК *этиш.* Кезигүү, кездешүү, кез келүү; учурашуу. *Бир кыйын окуяга жолуктум* (Жантөшев). *Он күндөн бери жол тосуп, Бүгүн араң жолуктум* («Курманбек»). *Ашыр Дашага да жолукту* (Сасыкбаев). *Омор менен мугалимдер көп жолугушат* (Сыдыкбеков).

ЖОЛУКТУР жолук этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОЛУМ: жолум үй — сайма алачык. *Кош баш тиккен жолум үй, От чыгып жылт-жылт тешиктен* («Эр Табылды»). *Жолум үйдөй даңканы, Кемпирди көздөй ыркырап* («Эр Төштүк»).

ЖОЛЧУ *зат.* Жол кызматындагы же жол курууучу адам. *Кубангандан жолчулар, Кужулдашып калышты* (Аалы). *Балыкчы азыркы күндө темир жолчулардын, кемечилердин, өндүрүшчүлөр-*

дүн гүлдөгөн шаары болуп калды (Убукеев).

ЖОМОК *зат.* 1. Ойдон чыгарылган, окуялары апыртмалуу, фантазиялуу түрдө көрсетүлүп, баяндоо иретинде айтылган элдик оозеки чыгарма; ушундай мазмундагы адабий чыгарма. *Кереметтүү жомоктор. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор. Пушкиндин жомоктору. Андерсендин жомоктору.*

2. Чындыкка жатпаган, ар кандай апыртмалуу баяндама, кеп. *Болгон иш жомок экен чын түшүндүм* (Токобаев). *Кыл көпүрө дген — жомок* (Сыдыкбеков).

3. Элге-журтка кеңири белгилүү болуп кеткен, таралып кеткен кеп, окуя, кабар. *Айтылган ар бир үйдө жомок болуп, Манастай өлбөс, өчпөс атак алгын* (Үмөталиев). *Турмуштун бул кайгысы болду жомок* (Шимеев). *Кыягы штелгинин жомок болду, Чынында эл мактарлык бар эле орду* (Үмөталиев).

ЖОМОКТО *этиш.* Өткөндү баяндап айтып берүү, кандайдыр бир окуяны толук сүйлөп берүү. *Сүйлөрсүң кийин жомоктоп* (Элебаев). *Жаман көргөн кишисин Сүйлөп бердим жомоктоп* (Аалы).

ЖОМОКТОО жомокто этишинин кыймыл атоочу.

ЖОМОКТОТ *этиш.* Жомоктоп айтуу, кандайдыр бир окуяны жомоктогудай кылып баяндоо, сүйлөө. [*Андрей*]..*эсинен чыкпас кызык окуяларды жомоктотуп айткысы келди* (Сасыкбаев).

ЖОМОКЧУ *зат.* Жомок айтуучу, жомокту көп билген, жомокту кызыктуу кылып айта билген адам. *Болочок акындын энеси Бурма.. ары сөзмөр, ары жомокчу аялдардан эле* (Аалы). [*Нурбай*].. *өтө сөзмөр, жомокчу, шайыр жигит эле* (Баялинов). *Уккан эмес мындайды Жомокчунун көбинен* (Аалы).

ЖӨН I *зат.* 1 Кыр арка, арка жак. *Жонуна асынган баштыгы бар солдат.. трибунаны көздөй келе жатты* (Сасыкбаев). *Жонуңа чейин баткак жабыштырыпсың* (Сыдыкбеков).

2. Аркага, кыр арканын эки жак жээгине бүткөн май. *Семиргенден жон алдың, Тоодой болуп ком алдың* (Тоголок Молдо).

3. Тоонун же дөбөнүн кыры, үстү жагы. *Жонду бербейт оттоп жаткан кой, жылкы* (Үмөталиев). *Ар бир түрдүү сонун чөп Ыргалып турат жондордо* (Тоголок Молдо). *Бозоргон чөпкө өңдөшүп, Бөрүлөр жатчу жондобуз* (Маликов).

◆ **Балык жон** — орто жери көтөрүңкү, кыр, эки жагы эңиш, ылдый. *Устү балык жон жабылган там.* **Жалпы жону же жалпы жонунан** — жалпысынан, бүт алганда. **Жонунан айтканда** *же* **жонунан алганда** — жалпы айтканда, чамалап айтканда.

ЖӨН II *этиш.* Жукалап кесүү, жылмалап тегиздөө, кайпыта кесүү. *Кетмендин сабын жонуп, короодо атам отурганын көрдүм* («Жаш ленинчи»).

ЖӨНДӨӨ *сын.* Семиз, эттүү, жон алган. *Төө комдуу калды, Кой жондуу калды* (Тоголок Молдо).

ЖОНУНАН *такт.* Үстүнөн; тымызын, байкатпай. *Мен чочкону бакмак белем, тим эле жонунан башкарам деп Мамбеткул бакылдайт* (Каимов). *Элдин жонунан сатып жүргөн сен калбаганда мен каламбы* (Турусбеков).

ЖОО *зат.* Душман. *Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе* (макал). *Ошонун баары жоо болсо, Ортосунда Канышай Кандай күндө калды экен?!* («Курманбек»).

◆ **Тилсиз жоо** — стихиялык кырсыктар (мисалы: өрт, жер титирөө, сел жүрүү ж. б.). **Көздүн жоосун алуу** — суктандыруу, көңүлдү өзүнө тартуу. *Нечен түрдүү гүлдөр көздүн жоосун алат* (Абдукаримов). *Таш тамандык, кончтук булгаарылар жалтылдап көздүн жоосун алды* (Сасыкбаев).

ЖООГАЗЫН *зат.* Кызгалдак формасындагы кооз гүлү бар, түбү пияз баштуу өсүмдүк, мандалак. *Жоогазын гүлдөсө да, узакка турбайт* (Сыдыкбеков).

ЖООДУРА *этиш.* Муңайып, жалооруп кароо. *Көздөрү жоодурап, беттерине кызыл жүгүрдү. Жоодурап Дилвар үн катпай уяң, Колунда гүлүн кармалап улам* (Абдыраманов). *Капкара көздөрү жоодурап, акылдуу тиктеген эстүү Мыскал бөтөнчө сүйкүмдүү* (Сыдыкбеков).

ЖООДУРАТ жоодура этишинин аркылуу мамилеси.

ЖООКЕР *зат.* Солдат, аскер кызматындагы адам. *Кайратына жоокердин Кайрат кошкон замбирек* (Үмөталиев).

ЖООКЕРЧИЛИК *зат.* Жоолашып, согуш аракетинде болгондук. *Жоокерчилик убак. Ойлонуу жок жоокерчилик мезгилде* (Нуркамал).

ЖООЛА *этиш.* Каста шуу, душмандашуу, араздашуу. *Элдей келген эл белең, Жоолай келген жоо белең? Айгайлашып бакырып, Жоолаганың ким? — деди* («Манас»).

ЖООЛАШ жоола этишинин кош мамилеси.

ЖООЛОО жоола этишинин кыймыл атоочу.

ЖООЛУК *зат.* Аялдар башына салынуучу төрт чарчы кездеме же токулган оромол. *Шалы жоолук. Жүн жоолук.*

◆ **Кол жоолук** — бет аарчы. *Бирасыл үйдө олтуруп кол жоолук жасады* (Каралаев). **Суу жоолук** — кол аачый турган жоолук, дасмал. **Ак жоолук** — аял, келинчек. *Биринчи байлык—ден соолук, экинчи байлык—ак жоолук* (макал). **Жоолук таштамай** — бет мандай карап тегерете отурушкан элдин артынан бир киши айланып чуркап, **бирөөнүн** аркасына көрсөтпөй жоолук таштап, белгилүү эрежеси боюнча бирин-бири куушуп ойноп турган оюн.

ЖООЛУКЧАН *сын.* Башына жоолук салынган. *Атантаева тетиги кызыл жоолукчан!* (Сасыкбаев). *Ал тиги..*

кызыл жоолукчан — Эмгектин кызы, селкибиз (Турусбеков).

ЖООМАРТ *сын.* Март, берешен. *Берген жоомарт эмес, алган жоомарт* (макал). *Жоругун адам билбеген, Жоомарт эрдин бири ушул* («Манас»).

◆ **Теке жоомарт** — мыкты күлүк ат, аргымак. *Теке жоомарт ат минген Темирдей көпкөк тон кийген* («Манас»). *Дүйшөнкулдун беш жыл болду бакканы Тегиз күлүк теке жоомарт аттары* (Осмонкул).

ЖООМАРТТЫК *зат.* Марттык, берешендик. *Жоомарттык анын жакшы сапаты. Жоомарттыктан күтүлсө, Жетишпеген адамга* (Аалы).

ЖООН *сын.* 1. Туурасы кең, чоң, толук, ичке эмес. *Жоон карагай. Жоон жип.*

2. Эттүү, семиз, толук, албеттүү. *Туурасы жоон, бою пас, Дулдугуй беттүү, өңү саз, Келберсиген чоң Жолой* («Манас»). *Жоон курсак куулардын Жоюлушун айталык* (Калык).

3. Зөөкүр, эсирген, эч кимди тааныбаган. *Жоонсунуп жол бербес Жоонду чапкан Курманбек* («Курманбек»). *Жалаң Кыргыз-Сайдын баягы жоондору* (Элебаев).

4. Коңур, ачык, бийик, чыйылдак эмес (үн, дабышка карата). *Давыденко жоон үнү менен салмактуу тарттырып, ишендире айтты* (Жантөшев).

◆ **Жоон үндүүлөр** — айтылганда тилдин артка тартылышынан жасалган тыбыштар (мисалы: а, о, ы, у). **Жоон билек** — кара күчүнө сыйынган балбан адам. *Жоон билек кимде эмес, Адамдын күчү акылда* (Шүкүрбеков). **Жоон топ** *к.* **топ III. Жоон орто** — өзүнүн сапаттары же белгилери боюнча кичине менен чоңдун, жаман менен жакшынын ортосунда турган, алардын ортосун аныктаган ченем: *«Күрпүлдөк» мектеби бул өрөөндөгү мектептердин.. жоон ортосу болуп эсептелет* (Сыдыкбеков). **Жоон өпкө** *к.* **өпкө. Жоон моюн** — айтканды тоотпогон, менменсиген. **Жоон көкүрөк** — эрсинген, баатырсынган, күрсүлдөгөн, мактанчаак.

ЖООНДУК *зат.* Өлчөмүнүн жоон экендиги, туурасынын чоңдугу. *Жоондугу үч кулач* («Манас»). *Жоондугу кетмендин сабындай эки таяк менен тирелген* («Ала-Тоо»).

ЖООНОЙ *этиш.* Жоон болуу, туурасы өсүү, туурасы чоюлоу. *Даректар күндөн күнгө жоонойуп келатат.*

ЖООНОЙТ жооной этишинин аркылуу мамилеси.

ЖООНОЮУ жооной этишинин кыймыл атоочу.

ЖООП *зат.* 1. Бирөөнүн берген суроосуна карата кайтарылып айтылган ой, пикир. *Асан жооп бергенче, Токтогул суроосун айтып да жиберди* (Аалы). *Чаргын ага жооп таап айта албай карскарс күлдү* (Сыдыкбеков). *Сырттан эч кандай жооп же табыш болгон жок* (Жантөшев).

2. Математикалык маселелердин, мисалдардын эсептеп чыгарылган, чечилген жыйынтыгы, натыйжасы.

3. Сабак боюнча коюлган суроолорго окуучулар, студенттер ж. б. тарабынан берилген баяндама.

4. Кылмышы, күнөөсү үчүн болгон жоопкерчилик. *Менин атымды сатып жүргөн болсо, ал киши өзү жооп берет* (Байтемиров). *Жоопко тартуу.*

ЖООПКЕР *зат.* 1. Белгилүү бир ишке милдеттүү түрдө жооп бере турган, жооптуу киши.

2. Сот аркылуу жоопко тартылган адам. *Чыр-чатагы болучу, Довогерге жоопкер, Тогуз берип коюучу* («Жазгыч акындар»).

ЖООПКЕРЛИК *зат.* Белгилүү бир ишке жооптуулук, милдеттүүлүк; жооп берүүчүлүк.

ЖООПТУУ *сын.* Белгилүү бир ишке жооп бере турган, милдеттүү. *Жооптуу редактор. Күн өткөн сайын Омор күзөтчүлүк бийик кесип катарында жооптуу сезди* (Сыдыкбеков).

ЖООПТУУЛУК *зат.* Белгилүү бир ишке жооп берүүчүлүк, ошол ишти аткарууга милдеттүүлүк. *Аскар азыр жооптуулукту сезди* (Сыдыкбеков). *Эмгекке жооптуулук менен кароого тарбиялоо.*

ЖООР *зат.* Миниле турган унаанын ээр басып жоруткан, сүрүлүп, өйкөлүп жара болгон жери. *Жоор ат. Жоор эшек. Желдиги жок ат минсең, Өркөч, бели жоор болот* (Осмонкул). *Жоорду чымын ырбатат* (макал). *Жоордун жайын жакыр билет* (макал).

ЖООРУ *этиш.* Жоор болуу, өйкөлүү, өйкөлүп кабаруу, жара болуу. *Бул темир жол салына электе малдын жону, адамдардын таманы жооруп, көргүлүктү көрүшчү* (Сасыкбаев).

ЖООРУТ жоору этишинин аркылуу мамилеси.

ЖООРУУ жоору этишинин кыймыл атоочу.

ЖООТКОЛОТ *туурасы*: **жооткот.**

ЖООТКОТ *этиш.* Алаксытуу, тайсалдатуу, туурасын айтпай, башка жакка чалуу. *Каныбек жооткотуп эки жакты карады* (Жантөшев). *Күлкү менен жооткотту* (Аалы).

ЖООТКОТУУ жооткот этишинин кыймыл атоочу.

ЖООШ *сын.* 1. Кишиге катуу сүйлөбөгөн, чакчандабаган, момун. *Расул болпойгон жоош бала* («Ала-Тоо»). *Дүйшөнкул жаш кезинен эле коңур, жоош, бирөөгө жамандык ойлобогон жигит* (Бөкөнбаев).

2. Азоо же үркүнчөөк эмес (малга карата). *Жоош аттар тушоодо, кай бир аттар үч буттаган* (Жантөшев).

ЖООШТУК *зат.* 1. Момундук, кишиге катуу сүйлөбөгөндүк, жоош мүнөздүүлүк.

2. Азоо же үркүнчөөк эместик. *Эки тентек кара эшектин жооштугун көрдү* («Советтик Кыргызстан»).

ЖООШУ *этиш.* 1. Жоош болуп калуу, ачуусу басандоо. *Бугимов жоошуй түү-*

шүп, портсигарын ачты (Сасыкбаев). *Орусбек жоошуп калды* (Сыдыкбеков).

2. Азоолонбоо, жоош болуп үйүр алуу. *Ат жоошуду. Жанагыдан анча-мынча ачуусу тарап, Барпы жоошуй түшкөн* (Байтемиров).

ЖООШУТ жоошу этишинин аркылуу мамилеси.

ЖООШУУ жоошу этишинин кыймыл атоочу.

ЖОРГО *зат.* Эки оң жак буту менен эки сол жак буттарын тең таштап, чайпала жүгүргөн жүрүшү бар жылкы; ошондой жылкынын жүрүшү. *Суу куйса төгүлгүс жорго. Жорго мингенге жолдош болбо* (макал).

ЖОРГОЛО *этиш.* 1. Жорго жүрүш менен жүрүү, жоргосун салуу. *Арча тору жаныбар, Бүгүштөй басып жорголоп* («Эр Табылды»). *Кыйгач кулак жээрде ат, Кызыктырат адамды, Кыя менен жорголоп* (Осмонкул).

2. *өт.* Кошомат кылуу, бирөөнүн алдында бөйпөндөп, жойпулануу. *Кылыгымды көргөздүм, Кылтылдадым жорголоп* (Осмонкул). *Жогор жакка элпек, Күлүк, жорголойт, Иш сураса, Көз боёну дорболойт* (Аалы).

ЖОРГОЛОО жорголо этишинин кыймыл атоочу.

ЖОРГОЛОТ жорголо этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОРО I *зат.* Жыйындагы кишилердин кезектешип өткөрө турган бозо ичүү, тамаша кылуу үлпөтү. *Шернеге тамак кылдырып, Жорого бозо сундуруп* («Эр Табылды»).

ЖОРО II *зат.* Жорук-жосун, жүрүм-турум. *Сен элден-журттан бөлүнүп жалгыз үй жаман жоро баштадың го?* (Жантөшев). *Жоросу жаман кандай катын?!* (Сыдыкбеков).

ЖОРОМОЛ *зат.* Болжол, баам. *Жоромол корутунду. «Акбар ашууда майып болду» деген жоромол кабар тарап кеткен* (Убукеев).

ЖОРОМОЛДО *этиш.* Болжолдоо, баамдоо. *Жоромолдоп айтуу. Кары адамдар: «Он беш күндө кар эрип, кыш түшөт» дешип жоромолдошту* (Бейшеналиев).

ЖОРОМОЛДОО жоромолдо этишинин кыймыл атоочу.

ЖОРОП *зат. диал.* Түр салып, кооздоп согулган жүн байпак. *Жороп байпак.*

ЖОРОЧУ *зат.* Жорого катышкан, жоро ичкен адам.

ЖОРТ *этиш.* Бир нерсе изден жер кезүү, кыдырып жүрүү. *Карышкырча жортуп жүрөт. Жортуп жүрүп жер кезип, Коңурбай да карыды* («Семетей»). *Артынан калбай ити жортуп, Адашпайын деп коркуп* (Шүкүрбеков).

ЖОРТУУ жорт этишинин кыймыл атоочу.

ЖОРТУУЛ *зат.* Чабуул, жоого каршы жүрүш, чаап алуу, салгылашуу аракети, жооого аттангандык. *Иле казактарына жортуулга барып, нечен ирет жылкы да тийишитим* (Аалы). *Ханым, жортуулга жүргөндө курсагыбыз ачты,— деди Мырзатөлө* («Жомоктор»). *Кол башчыга ылайык, жортуулга минчү күлүк ат* (Сыдыкбеков).

ЖОРУ I *зат.* Тарп менен азыктануучу ири жырткыч куш. *Көк жору. Таэ кара менен жору бар, Ал дагы– бизге душмандар* (Тоголок Молдо). *Мен жорумун, жорумун, Дүйүм куштун зорумун* (Тоголок Молдо).

ЖОРУ II *этиш.* 1. Көргөн түштүн маанисин түшүндүрүү, «чындыкта мына мындай болуш керек» деп болжолун айтуу. *Түш жорудум. «Жору, — дейт ушул түшүмдү,— Оңдосун журтум ишиңди* («Манас»).

2. Жоромолдоо, болжоо, баамдоо. *Уулунун эмне үчүн кечиккенин ой жоруп билген Бермет Оморго угуза айтып кейип кетти* (Сыдыкбеков). *Жогологонун шакектин Башкача жоруп айта албайм* («Мендирман»).

ЖОРУК *зат.* 1. Кылык, жосун. *Бул жоругуң койбосоң, бир балаага саласың! Айтор ушул жоруктары менен Микола-Аскер кечке Канышка эрмек* (Сыдыкбеков).

2. Тескери, терс көрүнүштөгү кылык, шумдук. *Бу эмне деген жорук?! Күтүлбөгөн жорук болду* (Жантөшев). *—Түк ыраазы болбойм, ушу кээ бир кишилердин жоруктарына* (Каимов).

ЖОРУКТУУ *сын.* 1. Ар кандай жоруктa болгон. *Жаман жоруктуу. Жакшы жоруктуу.*

2. Жагымдуу, сүйкүмдүү, кыял-жоругу жакшы. *Жок немени ойго түшүрдү Жоодарынын аппагы, Азамат экен Самсаалы, Жоруктууну тапканы* (Токтогул). *Жорго минген кыз бекен, Жоруктуу Чүрөк өзү экен?* («Семетей»).

ЖОРУП *зат.* Эгин сапырганда, элегенде үстү жагына иргелип калуучу саман-топондун, чөп-чардын ж. б. жоруптап шыпырып таштай турган калдыгы, чар.

ЖОРУПТА *этиш.* Бастырылган эгинди сапырганда анын үстүндөгү чарын бөлүп, сыйпалата шыпыруу; бир нерсенин үстүндөгү чөп-чарды кайпыта шыпыруу. *Анын бозоргон күлүн жел жоруптап жатты* (Аалы). *Суулар тыптынч өз-өзүнчө күлдурап, Шамал түздү жоруптады чубалып* (Аалы). *Кызыл жоруптап, кырманда иштеп жүрдүм* («Ала-Тоо»).

ЖОРУУ жору этишинин кыймыл атоочу.

ЖОРУТ жору этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОТО: жото жилик — тизеден жогорку, кашка жиликтен төмөнкү сан жилик, чүкөлүү (томпойлуу) жилик. *Маржан жото жиликти Алексеевге карматты* (Жантөшев). *Козунун жото жилиги.*

◆ **Ата-жото** — ата-баба, урук-тууган. *Анын ата-жотосун сен өлтүргөн жок элең го?!* (Бейшеналиев).

ЖОТОЛУУ *сын.* Аркайып сөөк-саагы чоң, чоң мүчөлүү. *Жотолуу өгүз.* [*Акман*].. *эркектердин ортосунда локуюп, жотолуу* (Сыдыкбеков).

ЖОШО *зат.* Кызгылт түстүү чопо, топурак; кызыл түскө боёчу зат. *Жүрөк туйлап кошо чуркап канымда, Бой чымырап окшоп кеттим жошого* (Аалы).

ЖОШОДОЙ *сын.* Жошо сыяктуу кызгылт, кызыл.

ЖОШОЛО *этиш.* Жошо менен боёо; жошодой кызгылт түс берүү.

ЖОШОЛОН *этиш.* Кызыл түскө келүү, ушундай түстө болуп жылжып, салаалап агуу, булгануу. *Ысык кан жошолоно* [*Ырайымжандын*] *салаасынан агып чыгып көкүрөгүнө чачылды* (Касымбеков).

ЖОШОЛУУ *сын.* Жошосу бар.

ЖОШУ жошул менен бирдей. *Бетинен кан жошуду.*

ЖОШУЛ *этиш.* 1. Куюлуп, жайылып агуу, эшилүү. *Эки көздөн аккан жаш Омуроодо жошулуп* («Сейтек»). *Кызыл кан агып жошулду Сенин батыш жагыңдан* (Үмөталиев). *Кыпкызыл болуп жар бети Чопосу агып жошулган* (Аалы).

2. Сеңселүү, сеңселип өсүү. *Бетеге белден жошулган* (Тоголок Молдо).

ЖОШУЛ жошул этишинин аркылуу мамилеси.

ЖОШУЛГУУ жошул этишинин кыймыл атоочу.

ЖОЮЛ жой этишинин туюк мамилеси.

ЖОЮУ жой этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨЖӨ *зат.* Тооктун ж. б. канаттуулардын балапаны.

ЖӨКӨ *зат.* Бир нерсе токууга, согууга колдонулуучу жыгач кабыгынын жука, ичке кабаты. *Жөкөдөн токуган чарык. Жөкөдөн токуган корзина.*

ЖӨКӨР *зат. тар.* Баатырлардын же дөөлөттүү, мансаптуу адамдардын бирге жүргөн, бирге жандап жүрүүчү кишилери; жигиттик, чоролук милдет аткаруучу. *Кыздардан бөлүп сүйлөшкөн Жанында жеңе жөкөрүн* («Мендирман»). *Эр Конокбай чоң балбан Эр Төштүктүн жөкөрү* («Эр Төштүк»). *Айдарбек өзүнүн жанжөкөрлөрү менен отурат* (Жантөшев). *Аңгыча болбой байдын дагы бир жан-жөкөрү жетип келди* (Абдукаримов).

ЖӨЛӨ *этиш.* 1. Сүйөө; тирөө, таёо, таяп коюу. *Манастын башын жөлөп бир сулуу кыз отурат* («Манас»). *Жыгылганды жөлөгөн, Үзүлгөндү улаган* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Колдоо, жардам берүү. *Баатыр ага, улуу орус жөлөгү, Алсыз кезде алпештеди, жөлөдү* (Аалы).

ЖӨЛӨК *зат.* 1. Сүйөнүч, тирек, тирөөч, таяныч; таянчык. *Бул киши* [*Осип*]... *түп жагында балдактын ачасындай жөлөгү бар, бөрү тил темир бургуну өзү ойлоп жасатыптыр* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Ишенген, бел байлаган, жардам берет деп күткөн адам. *Айрыкча жан аяшпас досум Тарас, Алдымда жөлөк болду кыйындыкта* (Абдыраманов). *Айтышып акыл алуучу, Алдымда ага жөлөк жок* («Мендирман»).

ЖӨЛӨН *этиш.* Сүйөнүү, таянуу. *Мендирман акырын Керегеге жөлөндү* («Мендирман»). *Сатай.. бүчүлүгүн кармалап, босогого жөлөндү* (Сыдыкбеков). *Алмалуу бак көтөрө албай мөмөсүн, Бүтүн шактар туш-тушунан жөлөнгөн* (Аалы).

ЖӨЛӨНҮҮ жөлөк менен бирдей.

ЖӨЛӨӨ жөлө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨЛӨТ жөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨН I *зат.* 1. Иштин, бир нерсенин багыты, жолу. *Ар иштн салат жөнүнө Акылы толук даанышман* (Осмонкул).

2. Себеп,ылайыктуу шарт. *Ооба, анын үшинте турган жөнү бар* (Байтемиров). *Андан көрө барып иштин жөнүн түшүндүрсөң боло* (Байтемиров).

3. Жай, ал-абал, кишинин ким экендиги, теги. *Биздин жөндү билип алдыңыз* (Сыдыкбеков). *Байкадым сенин өңүңдү, Сурайымын аты-жөнүңдү* (Токтогул).

◆ **Жөн билги** *к.* **билги.**

ЖӨН II *сын.* 1. Дурус, туура, ылайык. *Акылдаша келгенде, Каныбектин сөзүн жөн табышты* (Жантөшев). *Бул кылган иштн жөн.*

2. Жөнөкөй, карапайым, кадимки. *Жөн кишиси бу болсо, Дөө кишиси не болот* («Манас»).

3. Тим, тынч, шүк. *Жөн отур. — Анан эмне асыласың жөн турган кишиге?* (Байтемиров). *Садык жөн жатпады. Районго нечен жолу барып келди* (Байтемиров).

4. Анчалык эмес, начарыраак. *Турмушу жөн, анчалык жыргап кеткидей эчтемеси деле жок* («Ала-Тоо»).

ЖӨНДӨ *этиш.* 1. Жөнүнө келтирүү, жолго салуу, иреттөө, түздөө, тууралоо, оңдоо. *Акылы бар азамат Жаман иштн жөндөгөн* (Токтогул). *Андрей, өз оокатыңды жөндөп кылып, устакананда тынч узана берсеңчи* (Байтемиров).

2. *грам.* Сөздөрдү жөндөмө мүчөлөр аркылуу өзгөртүү.

ЖӨНДӨЛ жөндө этишинин туюк мамилеси.

ЖӨНДӨЛҮШ *зат.* Сөздөрдүн жөндөмөлөр менен өзгөрүшү. *Аягы үндүүлөр менен бүткөн атоочтордун жөндөлүшү.*

ЖӨНДӨМ *зат.* Шык, ык, акыл, жарамдуулук. *— Анна Лазеева жөндөмү бар, тырышчаак кыз экен* (Сасыкбаев). *Азыр да жөндөмүнө беремин баа, «Бали» дейм азаматтын артыгына* (Абдыраманов).

ЖӨНДӨМДҮҮ *сын.* Жөндөмү бар, шыктуу, ыктуу, акылдуу, жарамдуу, эптүү. [*Ырысбай*].. *бала кезинен эле бардык өнөргө жөндөмдүү болгондуктан, жылкы заводунун жумушчуларына бут кийим тигүү кесибине өттү* (Байтемиров). *Жөндөмдүү окуучу. Ар ишке жөндөмдүү бала.*

ЖӨНДӨМДҮҮЛҮК *зат.* Жөндөмдүү болгондук, шыктуулук, ыктуулук, акыл-

дуулук, жарамдуулук. *Жөндөмдүүлүгүнө жараша ишке жайгаштыруу. Жөндөмдүүлүк кылуу.*

ЖӨНДӨМӨ *зат. грам.* Белгилүү сыроолорго жооп берип, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланышын, мамилелерин көрсөтүүчү грамматикалык категория, сөздердүн жөндөлүү формалары. *Илик жөндөмө. Жатыш жөндөмө. Барыш жөндөмө. Табыш жөндөмө.*

ЖӨНДӨӨ жөндө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨНДӨТ жөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨНДҮҮ *сын.* Жөнү бар, туура, дурус, ылайыктуу, негиздүү, жүйөлүү. *Сенин айтканың жөндүү сөз, Тообай* (Абдумомунов). *Комсомолдун райондук комитетинин секретары да менин пикиримди жөндүү көрүптүр* («Советтик Кыргызстан»).

ЖӨНӨ *этиш.* 1. Баруу, жолго чыгуу, сапарга баруу; аттанып чыгуу, жүрүп кетүү. *Беш-Таштан ашып жөнөдүм Кетмен-Төбө жериме* (Токтогул). *Чаргын башка сөзгө келбей жөнөй бермек болду* (Сыдыкбеков).

2. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Куup жөнөдү. Учуп жөнөдү.*

ЖӨНӨКӨЙ *сын.* Карапайым, кадыресе, татаал эмес, кыйын эмес. *Жумушчу калк: дал өзүмдөй жөнөкөй, Анда каруу, менде таттуу көмөкөй* (Осмонов). *Абдан жөнөкөй, бой көтөрбөгөн сонун кыщи* (Жантөшев). *Башта жөнөкөй ырчы экенсиң, Эми кадырың көпкө билинди* (Токтогул).

ЖӨНӨКӨЙЛӨ *этиш.* Жөнөкөй болуу, жеңилдөө, оңойлонуу, жөнөкөй түргө келүү.

ЖӨНӨКӨЙЛӨТ жөнөкөйлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨНӨКӨЙЛҮК *зат.* Карапайымдык; татаал эместик, жеңилдик, оңойлук. [*Турар начальниктиң*].. *жаш жумушчуларга эринбей жардам көрсөткөндүгү жана жөнөкөйлүгү үчүн кадырлоочу* (Каимов). *Иштин жөнөкөйлүгү.*

ЖӨНӨЛ жөнө этишинин өздүк мамилеси.

ЖӨНӨӨ жөнө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨНӨТ жөнө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨНТӨК *сын.* Жоош, бейбаш эмес, токтоо, чыр-чатагы жок. *Эчки сүйөт баласын тентегим деп, кой сүйөт баласын жөнтөгүм деп. Бири тентек болсо, бири жөнтөк болору бекер эмес.*

ЖӨНҮГҮҮ жөнүк этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨНҮК *этиш.* 1. Оорудан айыгуу, сакаюу, жакшы болуу. *Ошентип жөнүкпөй, Чынгыш баатыр өлүптүр* («Мендирман»).

2. Оңолуу, жакшы жолго коюлуу. *Иши жөнүкпөдү.*

ЖӨНҮКТҮР жөнүк этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨНҮНДӨ *жанд.* Тууралу, бир нерсе туурасында, бир нерсенин жөнүнө карата. *Ал колхоздун байлыгы, шарты, чарбасы жөнүндө сүйлөп берди* («Ала-Тоо»). *Анархан ал жөнүндө кабарсыз* (Жантөшев). — *Жолдоштор! Эмгек тартиби жөнүндө көбүрөөк айткыла* (Каимов).

ЖӨӨ *сын.* Көлүксүз, унаа минбестен, унаа минбей жүрүү абалы. *Алты ай бүтүн жөө басып, Акталып келдим Сибирден* (Токтогул). *Бактын арасы менен бир жөө киши келип токтоду* (Жантөшев). *Жөө жүргөнчө төө минген жакшы* (макал).

◆ **Жөө туман** — жердин бетин каптап түшкөн калың туман. *Жер көрүнбөй жөө туман басып турду* (Каралаев). *Колоттун бардыгын жөө туман каптады* (Жантөшев). **Жөө-жалаңдап жүрүү** — 1) кээ бирлери ат минип, кээ бирлери жөө жүрүү; 2) бирде ат минип, бирде жөө жүрүү. *Жөө-жалаңдап келиптир* («Эр Табылды»). *Ал кезде Фрунзеден жиберди деп, Ээрчишип жөө-жалаңдап келген элек* (Шүкүрбеков). *Бул темир жол.. орноло электе көмүрдү кенден эшекке артып.. жөө-жалаңдап Кожентке жеткирер элек* (Сасыкбаев). **Жөө жомок** — адамдардын өз ара байланыштарына жана жаратылыш кубулуштарына, айлана-чөйрөсүнө, жаныбарларга, коом адамдарынын түрдүү өкүлдөрүнө карата болгон мамилесин, көз карашын, ой-пикирин баяндаган, көбүнчө кара сөз же жорго сөз менен айтылган жомок.

ЖӨӨК *зат.* Айдалган жерге кээ бир өсүмдүктөрдүн уругун тигүү үчүн жасалган арыкча. *Чийип тарткан жөөккө, Чигитти тандап саламын, Жерди терең айдатуу Биринчи менин талабым* (Шамшиев). *Капуста жөөгү. Коон-дарбыз айдаш үчүн жөөк-жөөк кылып кеткен жерлер* («Жаш ленинчи»).

ЖӨӨКТӨ *этиш.* Жөөк салуу. *Сап-сап кылып жөөктөп, Сапаттап урук септирген* (Осмонкул).

ЖӨӨЛӨ *этиш.* 1. Бир нерсеге же бирөөгө капталы же омуроосу менен тийип, омуроолоп түртүү, сөйкөнүү, көпчүлүктү аралап кысылышып өтүү. *Досун жөөлөп өттү* («Эмгек азаматтары»). *Аким жөөлөп эшикти көздөй умтулду* (Сасыкбаев). *«Элди жөөлөй кирип, трибунанын алдына жетип алдым»* [*деди Андрей*] (Сасыкбаев).

2. *өт.* Тийишүү, өктөмсүнүү, жулунуу. *Бир үйгө жөөлөп эле кирип бардык* (Турусбеков).

ЖӨӨЛӨТ жөөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨӨЛӨӨ жөөлө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨӨЛҮ *этиш.* 1. Катуу ооруганда, эстен танганда байланышсыз, түшүнүксүз сүйлөө. [*Сатылган*].. *эки күндөн бери наар албаптыр, жөөлүп жатат* (Аалы).

2. *өт.* Дайынсыз сүйлөө, ойдо жок, орунсуз сөздөрдү айтуу. *Эй, чиркин сана жөөлүптөчү* (Турусбеков). *О, кой, балалыгың менен жөөлүбө!* (Жантөшев).

ЖӨӨЛҮТ жөөлү этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨӨЛҮҮ жөөлү этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨРГӨЛӨ *этиш.* Майда арыш менен жүрүү, майдалап басуу. *Жөргөлөгөн коңуз. Жөргөмүш жөргөлөдү. Үчөөбуз чалкандын арасы менен жөргөлөп, жогору карай жүрдүк* (Элебаев). *Акбар жөргөлөп жүргөн баланы алып эркелетти* (Убукеев).

ЖӨРГӨЛӨӨ жөргөлө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨРГӨЛӨТ жөргөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨРГӨМ *зат.* Малдын ич этине карын майын кошуп ар түрдүү формада ороп жасалган тамак.

ЖӨРГӨМДӨ *этиш.* 1. Жөргөм жасоо.

2. Этти чорт кесип салбай, бири-бирине илиништирип, ар бир кесимин өз ара туташтырып кесүү. [*Каныбек*].. *эки чоң кесим этти жөргөмдөп кесип берди* (Жантөшев).

ЖӨРГӨМҮШ I *зат.* Азык болуучу чымын-чиркейлерди желесине чалынтып алуучу, муунак-муунак буттуу кичинекей жандык. *Жөргөмүштүн желеси.*

ЖӨРГӨМҮШ II *зат.* Даны таруу кебетеленген жана желе турган, тоодо өсүүчү жапайы өсүмдүк. *Жөргөмүш терип, гүл үзүшүп баратышкан кыздар* (Сыдыкбеков).

ЖӨРМӨ *этиш.* Эки бөлөк нерсени беттеп туруп, жибин тигиштин үстү жагынан алып, четин кошуп тигүү. — *Белекти Алымкулга берип, жегедемдин айрыгын жөрмөп бере койчу* (Абдыкадыров).

ЖӨРМӨЛӨ жөргөлө менен бирдей.

ЖӨРМӨӨ жөрмө этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨРМӨТ жөрмө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨРӨЛГӨ *зат.* Адат, каада, тартип. — *Абылбек менен Айгүл жакшы жөрөлгө башташтыбы* (Жантөшев). *Бул жөрөлгөңөр жакшы* (Бейшеналиев). *Мындай жакшы жөрөлгөлөрдү азыр бардык ишканалардан жолуктыруугаболот* («Чалкан»).

ЖӨТКҮР *этиш.* Дем алуу жолдорунун сезгениши менен терең күрсүнө жөтөлүү. *Ак өпкө болгон койдой жөткүрүшөт* (Жантөшев). *Баккан сайын жөткүрүп, Жанымды минтип кыйнадың* (Тоголок Молдо).

ЖӨТКҮРТ жөткүр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖӨТКҮРҮК *зат.* Жөткүргөндүк, жөткүрткөн илдет.

ЖӨТКҮРҮҮ жөткүр этишинин кыймыл атоочу.

ЖӨТӨЛ I *зат.* Дем алуу жолдорунун сезгенип, какырык толушунан улам көкүрөктү кырылдатып, кышылдатып жөтөлтө турган илдет. *Бечелге жөтөлдүн кереги эмне* (макал). *Жанына келип токтогон энесин Татыбек жөтөлүнөн таануы* (Байтемиров).

◆ **Көк жөтөл — ыкшып жөтөлткөн оору.** *Көк жөтөл оорусуна каршы эмдөө.*

ЖӨТӨЛ II *этиш.* Жөткүрүү, жөткүргөндөй дабыш чыгаруу. *Кимдир бирөө жөтөлдү* (Баялинов). *Динар дабыш чыгарып кара күчкө жөтөлдү* (Сыдыкбеков).

ЖУБАЙ *зат.* Эрди-катындын бири, аялы же күйөөсү. *Антташканым Гулайым, Акыреттик жубайым* («Кедейкан»). *Жубайын жооп узатып Жүргөндөр жалаң сен эмес* (Нуркамал).

ЖУБАЛДЫЗ *зат. диал.* Темене.

ЖУБАН I *зат.* Эрден чыккан жаш аял, келин. *Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар* (макал). [*Усөн, сен*] *Үйжайга көз болгудай, балдарга ырайымдуу бир жубан ал* (Касымбеков).

ЖУБАН II *этиш.* Сооронуу, көңүлү тынчуу. *Сайрандап күлүп кубанып, Сагынган жүрөк жубанып* (Нуркамал). *Бир ооз айткан кебиңе Ким болсо да жубанган* («Мендирман»). *Калк баарысы кубанды, Кайратына жубанды* (Тоголок Молдо).

ЖУБАНТ жубан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУБАНУУ жубан этишинин кыймыл атоочу.

ЖУБАРЫМБЕК *зат.* Жашында соолгур, жашабагыр деген маанидеги каргыш. *Жубарымбек кетейин, Ышкынаалыны жаныңдан артык көрөм* (Байтемиров).

ЖУБАТ *этиш.* Көңүл сооротуу, көңүл тынчытуу. *Элди кур бекер жубатып, алдап олтуруунун эмне кереги бар?* (Абдукаримов). *Эне сүйлөйт кызын жубатып, Жер ойгонду сулуу таң атып* (Абдыраманов). [*Бурмаке*].. *бизди жубатып отурат* (Элебаев).

ЖУБАТУУ жубат этишинин кыймыл атоочу.

ЖУВАЗ *зат. диал.* Кустардык жол менен жанчып май чыгаруу же күрүч ж. б. актоо техникасы.

ЖУГУЗ жук этишинин аркылуу мамилеси.

◆ **Чаң жугузбоо** — 1) бапестеп, жакшылап багуу; 2) өткөрө мактоо, кадырлоо.

ЖУГУМ *зат.* 1. Жугуу сапаты. *Жугуму жок тамак. Арам тамактын жугуму жок дегени ырас* (Байтемиров).

2. *өт.* Таасир, белгилүү бир натыйжа берүүчүлүк. *Илиминин жугуму жок мугалим.*

ЖУГУМДУУ *сын.* Жугуму бар, натыйжалуу, таасирдүү, сапаттуу, жагымдуу. *Ыклас менен иш кылсаң, Пайда болот жугумдуу* («Жазгыч акындар»). *Кандай жол менен берген сабагыбызды окуучуларга жугумдуу, түшүнүктүү.. кыла алабыз, мына ушу жөнүндө жазуу керек* («Окутуучуларга жардам»).

ЖУГУНДУ *зат.* 1. Тамак-аштын ж. б. идишке жуккан калдыгы, жугу.

2. Жуунду. *Кызганып жугундуну ырылдашат, Таштаган сөөктү көрсө иле качат* (Уметалиев). *Күрсүлдөйт жугундуга тойгон дөбөт* («Чалкан»).

ЖУГУУ жук этишинин кыймыл атоочу.

ЖУГУШТУУ *сын.* Жукма, бир адамдан экинчи адамга, же бир жаныбардан экинчи жаныбарга өтүп, таралып кете турган

Жугуштуу оору. Катуу жугуштуу дарттар.

ЖУК I *зат.* 1. Жабышып, жугуп калган калдык (мис., идиш-аякка жуккан тамак-аштын калдыгы). *Жуурат төгүлсө, жугу калат* (макал).

2. Бир нерсенин калдыгы, көрөңгөсү. *Колунан акчанын жугу үзүлбөйт* (Сыдыкбеков). *Малдын жугу үзүлө элек.*

◆ **Жук-жубур** — бир нерседен калган бир аз калдык.

ЖУК II *этиш.* 1. Жабышуу, жабышып калуу, илээшип, жармашып калуу, сүртүлүп из калтыруу. *Жатканга жаан жукпайт* (макал). *Салдырса күлүк жорго элең, Чаң жукпай чыккан дубандан* (Калык). *Көмүрдүн тоскогу жалаң сага жукса да эмне болду* (Сасыкбаев).

2. Таралуу, бирөөнөн экинчисине өтүү. *Уламадан укkан сөз, Улам бирге жуккан сөз* («Семетей»). *Ойлобой жүрүп чалынып, Оорунун жаман жукканы* (Осмонкул). *Кечириңиз, жугат! Алыс жүрүңүз! Жолобоңуз! — деди Каныш* (Убукеев).

ЖУКА *сын.* Калыңдыгы, туурасы кичине, калың эмес. *Жука кагаз. Жука кийим. Жука жабылган үйлөрдүн төбөсүнөн тамчы агып, далайдын уйкусун качырып, тынчын алды* (Бейшеналиев).

ЖУКАЛА *этиш.* Жукартуу, жука кылуу, калыңдыгын кичирейтүү.

ЖУКАЛАТ жукала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУКАЛОО жукала этишинин кыймыл атоочу.

ЖУКАЛЫК *зат.* Жука экендик, калың эместик.

ЖУКАР *этиш.* Жука болуу, жука жагына айлануу.

ЖУКАРТ жукар этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУКАРУУ жукар этишинин кыймыл атоочу.

ЖУКСУЗ *сын.* 1. Жугу жок, жук калбаган.

2. Колунда жок, байлыгы жок кедей. *Жуксуз бечара.*

ЖУКТУР жук этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУКТУУ *сын.* 1. Жугу бар, жугу көп.

2. Колунда бар, оокаттуу. *Колу жуктуу. Башынан жуктуу келген адамдар.*

ЖУЛ *этиш.* 1. Булкуу, сууруп алуу, үзүп алуу. *Жылдызкан кара кыяк чөптөрдөн жулуп алды* (Байтемиров). *Булактын боюнан жулуп алган.. бака жалбыракты камандын кулагындай делдейтип [Сартбаев] кармап турат* (Сыдыкбеков).

2. Тартып алуу, күч менен алып коюу. *Коңурбайдын найзасын Жулуп Манас алыптыр* («Манас»).

3. Сөздү бөлүү, сүйлөп жаткан бирөөнүн оюн бөлүп, өзү сүйлөй берүү (баштоо). *Сөздү ооздон жулбай тартип сактаңыз* (Сыдыкбеков). *Шабыраалы бозокордун. сөзүн жулуп алды* (Байтемиров).

◆ **Улуп-жулуп** — андан-мындан алып, ар кайсыга кол салып. *Улуп-жулуп оокат кылуу.*

ЖУЛДУР жул этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУЛК *этиш.* Катуу тартуу, булкуу. *Ачууланып бай Жакып, Сакалын жулкуп алганы* («Манас»).

ЖУЛКУ жулк менен бирдей.

ЖУЛКУЛДА *этиш.* 1. Жулмундоо, жулунуу. *Ийри сууга барганда, Жулкулдаган торпогум* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Бир нерсени жактырбай, макул көрбөй булкулдоо.

ЖУЛКУН *этиш.* 1. Жулунуп, суурулуп чыгууга аракет кылуу. *Мен сенин кулуң эмесмин! — деди Токтогул жулкунуп* (Аалы).

2. Жулунуп өктөм кыймылдоо, ыргыштоо (мис., ат). *Мергендери жулкунат, Баары тегиз тулпар ат* (Бөкөнбаев). *Күлүк чыкчу тайдай кез, Байлоо бербей жулкунган* (Үмөталиев).

ЖУЛКУНТ жулкун этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУЛКУНУУ жулкун этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛКУУ жулк этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛМА: жулма сакал — бирин-серин, ар кайсы жерде топтошуп, бириндеп чыккан сакал [*Жакып*].. *сейрек кара мурут, жулма сакал, кызылдуу киши* (Бейшеналиев). *Куду тирүү адамдай карап, кагаздын бетинде жулма сакал бир бабай олтурат* (Сыдыкбеков).

ЖУЛМАЛА *этиш.* Ар кайсы жеринен кармап тарткылоо, жулкулдатуу, уйпалоо. [*Казанчы*].. *суурду мыжыккан аюудай болуп Үкөйду жулмалап.. бакырат* (Аалы). [*Кыз*].. *ойной кетти жеңесин жулмалап* (Үмөталиев).

ЖУЛМАЛАТ жулмала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУЛМАЛАШ жулмала этишинин кош мамилеси.

ЖУЛМАЛОО жулмала этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛМУГУЙ *сын.* Сакалы чыкпаган, сакал-муруту жокко эсе.

ЖУЛМУЙ *этиш.* Сакал-муруту жок көрүнүшкө келүү, сакал-муруту жок көрүнүштө болуу.

ЖУЛМУҢДА *этиш.* Калдастоо, шашкалактоо, күйпөлөктөө (көбүнчө кары адамдар жөнүндө).

ЖУЛМУҢДАТ жулмунда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУЛМУҢДОО жулмунда этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛУК *зат.* Бут кийимдин башы таманына бекитилген айлана-чети. *Өтүктүн жулугу. Маасынын жулугу.*

◆ **Жулук ууру** — майда-чүйда буюмдарды кымтып алуучу майда ууру. *Он беш жашынан баштап жулук уурулукка өтүп, бара-бара түндүктөн түшмө ууру болот* («Чалкан»).

ЖУЛУКТА *этиш.* Бут кийимге жулук салып жамоо.

ЖУЛУКТОО жулукта этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛУКЧУ *зат.* Бут кийим жамап-жаскаган майда өтүкчү.

ЖУЛУН 1. жул этишинин өздүк мамилеси.

2. Тынч тура албай жулкунуу, обдулуу, тап берүү. *Уулдарды узатыш үчүн ар бир колхоз жулунган семиз аттарды сарайга кармап.. күтүп калышты* (Сыдыкбеков). *Жулунуп ордунан тура калды.*

ЖУЛУУ жул этишинин кыймыл атоочу.

ЖУЛУШ жул этишинин кош мамилеси.

ЖУМ *этиш.* Кирпиктерди бири-бирине тийиштирип, көздү жумулган абалга келтирүү; колдун манжаларын бүгүп бириктирүү. *Бүбүш караңгыда тунара түшкөн көздөрүн ачып, жумду* («Ала-Тоо»). *Жум алаканыңды! — деп катуу үн чыгарды* («Чалкан»).

ЖУМА *зат.* 1. Жекшембиден кийинки саналган катар боюнча бешинчи күндүн аты *Жума күнү күтөм* (Жантөшев). *Өткөн жума күнү Арзыматтан кат келген* (Жантөшев).

2. Бир жумадан экинчи жумага чейинки жети күндүк мезгил, убакыт. *Бир жума өттү* (Баялинов). *Каныбек эки жумадан бери буту шишип үйдө* (Жантөшев).

ЖУМУЛ жум этишинин туюк мамилеси.

ЖУМУР *зат.* Кепшөөчү айбандардын аш казанынын бир бөлүгү. *Курсагы чыгып дендейип, Жумуру чөпкө толо элек* (Осмонкул).

◆ **Жумуруна жук болбоо** — тойбой калуу, тамак абдан аз болуп калуу. *Бул жумурубузга жук болбойт.* **Жумурдагы сыр** — өтө жашырын, эч кимге айтпай турган сыр.

ЖУМУРАЙ: жумурай-журт — көпчүлүк, жалпы эл, бардык калк. *Жумурай-журтка түшкөн түйшүктөн кандай пенде буйтай качат?* (Касымбеков). *«Калк үчүн сен жаша» дейт жумурай-журтуң ар дайым* («Кыргыздын эл акындары»).

ЖУМУРАН *зат. диал.* Чычкан.

ЖУМУРТКА *зат.* Куштардын, таш баканын жана жумурткалай турган кээ бир башка жаныбарлардын сырты кабык менен капталган, тоголок же сүйрүрөөк жумуру келген жаңы организм чыгаруучу уруктук заты. *Тооктун жумуртқасы. Уядагы жумуртка учкул кыраан куш болот* (макал).

ЖУМУРТКАЛА *этиш.* Жумуртка тууш, жумуртка туюй баштоо.

ЖУМУРТКАЛАТ жумуртқала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУМУРТКАЛОО жумуртқала этишинин кыймыл атоочу.

ЖУМУРУ *сын.* Кыры жок, жалпак эмес, тоголок. *Тактайдан, жумуру жыгачтан кош ноо жасалган* (Жантөшев). *Жумуру саптуу кетмен.*

ЖУМУРУЛА *этиш.* Жумуру формага келтирүү. *Жумурулап чалган нокто.*

ЖУМУШ *зат.* Бир кишинин же көпчүлүктүн кандайдыр бир максат менен аткарган иши, эмгеги, кызматы; иштөө процесси. *Элдияр кайда болду экен, Эмне жумуш кылды экен* («Эр Табылды»). *Көрктөнөт киши жумуштан, Элине кызмат кылыштан* (Шүкүрбеков). *Жумуш күнү.*

ЖУМУШСУЗ *сын.* Жумушу жок, кызматсыз, ишсиз.

ЖУМУШСУЗДУК *зат.* Иштөөгө ыңг болбогондук, жашоо каражаттарын табууга мүмкүндүк жоктук, жумушсуздардын абалы.

ЖУМУШЧУ *зат.* а) Социалисттик коомдо: өндүрүштө белгилүү кесипчилик боюнча эмгектенип, жумушчулар табына кире турган, мамлекеттин жетекчи күчү болуп саналган жана өндүрүш каражаттарынын жалпы элдик менчигине ээ болгон эмгекчи массанын өкүлү. б) Капиталисттик коомдо: өндүрүш каражаттарына жана куралдарына ээлик кыла албаган, өзүнүн жумушчу күчүн сатып жан багууга аргасыз болгон жалданма ишчи; пролетариат.

ЖУМША I *этиш.* Жибүү, бошоо, бошоңдоо, жумшак болуу, жумшаруу. *Жалпы жер жумшап саз болду* (Тоголок Молдо). *Ташпай катып жумшабай, Темир болду жанбакты* (Тоголок Молдо).

ЖУМША II *этиш.* 1. Бирөөгө бир нерсе иштөөнү тапшыруу, бирөөнү кандайдыр бир ишке чегүү, тапшырма берип, бир жакка жиберүү. *Жаралдың жаңы заман бактысына Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша!* (Бөкөнбаев). *Сен мени оңой ишке жумшаган эмес экенсиң!*

2. Расход кылуу, сарп кылуу, күч кетирүү. *Мектептерди жакшыртуу үчүн көп каражат жана көп күч жумшалат.*

ЖУМШАК *сын.* Кармоого былпылдак, басканда оңой ныгырылган, катуу эмес. кармаганда, басканда же бир нерсеге урунганда былпылдак, бош болуп көрүнгөн, катпаган, назик, үлпүлдөк. *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип, мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков). *Жайлоосу жашыл жибектей, Жери жумшак балкыган* (Токтогул).

2. *өт.* Мээримдүү, ырайымдуу, сылык, сыпаа (мүнөз, көңүл жөнүндө). *Пейли жумшак бир насың Бүткөндөй сонун жибектен* (Маликов). *Байкаса, агасының мүнөзү жумшак* (Байтемиров).

ЖУМШАКТА *этиш.* Жумшак кылуу, жумшак нерселерди төшөө, салуу.

ЖУМШАКТАЛ жумшакта этишинин туюк мамилеси.

ЖУМШАКТАТ жумшакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУМШАКТОО жумшакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖУМШАКТЫК *зат.* 1. Жумшак экендик, жумшак абалда болгондук.

2. *өт.* Мээримдүүлүк, көңүлчөөктүк, мүнөзү катуу эместик. *Ал экөө кай бир көңүлчөөктүк, жумшактыгыбыздан пайдаланып жатат* («Советтик Кыргызстан»). *Жакшы көрүнөм деп, жумшактыктан пайда тапкан жерим жок* (Каимов).

ЖУМШАЛ жумша этишинин туюк мамилеси.

ЖУМШАР жумша этишинин өздүк мамилеси.

ЖУМШАТ жумша этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУМШОО жумша этиштеринин кыймыл атоочу.

ЖУП I *зат.* Эки нерседен турган бир бүтүндүн түгөйү, эки даананын бири, түгөйү, жарымы.

ЖУП II *такт.* Жаңыдан, так, жаңы эле. *Мен жуп жеткенде эле жамгыр жаап ийди. Күүгүм кире, күн бата, Элдин алды жуп жата* («Семетей»).

ЖУПКА *зат.* Жука жайылган камырдан кат-кат кылып бышырылган нанга сары май, сүт катыштырып жасалган тамак. — *Бүгүн жупка жайып жейличи,— деди Асыл апасына* («Жаш ленинчи»).

ЖУПТА *этиш.* Түгөйлөө, эки-экиден түгөйлөштүрүп, жуп-жуп кылып коюу.

ЖУПТАЛ жупта этишинин туюк мамилеси.

ЖУПУНУ *сын.* Анчалык эмес, асемдүүлүгү жок, жөнөкөй, начарыраак. *Биздин балалык жупуну, жайдак турмушта өткөн* (Сыдыкбеков). *Жупуну кийим.*

ЖУПУНУЛУК *зат.* Жөнөкөйлүк, асемдүүлүгү жоктук, анчалык эместик. *Кийминин өтө жупунулугу турмушунун начар экендигин ашкерелеп турат* (Жантөшев).

ЖУРДАЙ *сын.* Устүндө кийми эң начар, азып-тозгон. *Жабыркаган турмуштан, Жыланач журдай болсо да* (Аалы).

ЖУРНАЛ *зат.* 1. Китепче формасында мезгил-мезгили менен чыгып туруучу басма сөз иши. *Адабий журнал. Сатиралык журнал. Илимий журналдар. Мода журналы.*

2. Болгон иштерди жазып туруучу китепче же дептер. *Класс журналы. Заседаниелер журналы.*

ЖУРНАЛИСТ *зат.* Журналистика менен иришкен профессионалдык адабият кызматкери.

ЖУРНАЛИСТИКА *зат.* 1. Журналдардагы жана газеталардагы адабий-публицистикалык иштер.

2. Жалпы эле мезгил-мезгили менен чыгып туруучу басма сөз иштери.

ЖУРТ *зат.* 1. Көчүп кеткен айылдын, үйдүн орду, калтырып кеткен эски жайы. *Көчкөн журттун кадыры конгон журтта билинет* (макал).

2. Жалпы эл, калк. *Жыйылган журт. Буга кандай дейсиңер журт* (Бейшеналиев). *Ырас, балам, Искендер, журттан айла кетти* (Турусбеков). *Өз туулган жеримден Жаңы журт, жаңы эл көрдүм* (Осмонов).

ЖУРТЧУЛУК *зат.* 1. Көпчүлүк, коом, эл коому. *Журтчулук курулушу.*

2. Адамдардын биримдик, тилектештик сезими. *Журтчулук кылгыла. «Жуучу болсом өзүм» деп, Журтчулук жагын көп айтты* («Эр Табылды»).

3. Тууганга жардам берүү иретинде жыйналган чыгым, салык. *Журтчулук чыгым, дагы алда немелерди айтып, старчындар камчысын үйрүп күнүгө келип калат* (Турусбеков).

ЖУТ I *зат.* Арык, тоютсуз калган малдардын кышта, эрте жазда жутумчулукка учуроо кырсыгы. *Он жылы жут болуптур кары калың, Эки адам багып чыккан кара жанын* (Тоголок Молдо). *Колхоз бар жерде жут болушу мүмкүн эмес. Эсепчини жут алат* (макал).

ЖУТ II *этиш.* 1. Алкым булчуңдарынын кыймылы менен ооздогу ашты, тоютту же башка нерсени кызыл өңгөч аркылуу ич жакты көздөй өткөрүү. *Нач чайнап жута албайсың тиш болбосо* (Барпы). *Максым жутканы кирген Мамбеткул үйдөн чыкты* (Абдумомунов). *Суу боюна барайын, Суудан жутуп алайын* («Эр Табылды»). *Идиш жок, кымызды чаначтап эле жутушту* (Аалы).

2. Сиңирүү, соруп алуу. *Кургак жер сууну бат эле жутуп алды. Түн эшикке чыгар замат айырды да, ууруну да жутуп жибергенсийт.*

3. *өт.* Өлтүрүү, жок кылуу. *Жаңжалдан жалын чыкпайбы, Жамандык башты жутпайбы* («Эр Табылды»). *Мына бу тамырчынын жардамы менен мунун энесин да жуткан* (Шүкүрбеков).

ЖУТА *этиш.* Жутка учуроо, малга тоют жок, жагууга отун жок болуп кыйынчылыкка кабылуу, ачарчылыкка учуроо. *Эл жутады. Мал кыштан жутап чыкты. Колхоздун малы жутабайт. Жуткан жутабайт* (макал).

ЖУТАТ жута этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУТКУР жут II этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУТКУЧ *сын.* 1. Жутканга шыктуу, жута билген; соруп алуучу, тартып алуучу. *«Чайка» маркасындагы чаң жуткуч.*

2. *өт.* Ичип-жегич, шылуун, ач көз.

ЖУТОО жута этишинин кыймыл атоочу.

ЖУТУЛ жут этишинин туюк мамилеси.

ЖУТУМ *зат.* Бир жута турган өлчөм, суюктуктун жуткудай өлчөмү. *Ачкалыкта алтындан бир жутум жарма артык* (макал).

ЖУТУН *этиш.* Обдулуу, тап берүү, жулунуу. *Мумуза да жутунуп алга чыкты* (Баялинов).

ЖУТУНГ жутун этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУТУНУУ жутун этишинин кыймыл атоочу.

ЖУТУУ жут этишинин кыймыл атоочу.

ЖУУ I *этиш.* 1. Суу же башка суюк нерсе менен бирөөнүн же бир нерсенин кирин тазалоо, тазартуу, чайкоо. *Бетиколуңду жуу. Акайма казанын жуун, колун сүрттү* (Жантөшев). *Көйнөк кири жууса кетет, көңүл кири айтса кетет* (макал).

2. Арылтуу, кетирүү, жокко чыгаруу. *Ал айыбын жууду.*

3. Ийгиликтин, сатып алынган нерсе-

нин ж. б. себебинен улам элге сый кылуу, ичкилик ичишүү.

◆ **Кол жууп калуу** *к.* **кол I. Жууп-чаюу**— жамандыкты, кылмышты ж. б. билгизбөө, жаап-жашыруунун аракетин кылуу. *Уятын жууп-чаюуга, Актанып дагы сайрады* («Мендирман»).

ЖУУ II *этиш.* Жакындоо. *Менин жаныма жуубайт.*

ЖУУГУЧ *зат.* Жууш үчүн колдонулуучу, жуюй турган нерсе. *Кир жуугуч машина. Тиш жуугуч щетка.*

◆ **Кыл жуугуч** *к.* **кыл I.**

ЖУУДУР жуу I этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУУК *такт.* Жакын. *Кечке жуук болгондо. Маты түндө таңга жуук үйүнө келген* (Жантөшев). *Төрүнөн көрү жуук. Баладан малды жуук көргөн, Бакыл киши экенсиң* («Манас»).

ЖУУКТА *этиш.* Жакындоо, жакындап жанына келүү. *Күн-түн тынбай жол жүрүп, Келди Курман жууктап* («Саринжи — Бөкөй»).

ЖУУКТУК *зат.* Жакындык, аралыктын жакындыгы.

ЖУУН жуу этишинин өздүк мамилеси.

ЖУУНДУ *зат.* Идишти тазартыш үчүн тамак-аштын жугун, калдыгын жууган суу.

ЖУУР *этиш.* Кургак нерсени (мис., унду) суу же кандайдыр бир башка суюктук менен нымдап, мыжыгып ийлөө. *Камыр жуур. Баткак жуур.*

ЖУУРАТ *зат.* Койдун ынак сүтүнөн уютулган айран. *Жуурат күйган чаначтар Канжыгага байланды* (Аалы). *Үйүндө кашык айраны жок уулунун аты Жууратбек* (макал).

ЖУУРКАН *зат.* Ичи жана сырты кездемеден тигилип, ичине жүн же кебез салынып кабылып жасалган, жатканда үстүгө жамынуучу жабуу. *Жибек жууркан.*

ЖУУРТ жуур этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУУРУ жуур менен бирдей.

ЖУУРУЛ жуур этишинин түюк мамилеси.

ЖУУРУУ жуур этишинин кыймыл атоочу.

ЖУУТ жуу II этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУУЧУ *зат.* Бирөөнүн кызына куда түшөрдө кыздын ата-энесинин макулдугун сураш үчүн жигит тараптан жиберилген элчи, өкүл. *Бойго жеткен кызы бар жерге жуучу жибере берүүчү элдин адаты бар эле* (Жантөшев). *Өмүрүмдө эч кимдин кызына жуучу болуп көргөн эмесмин* (Абдукаримов).

ЖУУЧУЛУК *зат.* Жуучу болуу, жуучунун милдети. *Кулбаш аксакал өзүнүн жуучулук милдетин аткарууга киришти* (Абдукаримов). *Жиберели апамды Жуучулукка барышка* (Осмонкул).

ЖУУШ I жуу I этишинин кош мамилеси.

ЖУУШ II *этиш.* Жакындашуу, бири-бирине жакындоо. [*Үкөйдүн*].. *бири-бирине жуушпай, бириндеген кирпиктери болоор-болбос козголду* (Аалы).

ЖУУША *этиш.* 1. Тойгондон кийин тынч алып жатуу же тынч туруп калуу (мал жөнүндө). *Үйлар жуушады. Кой жуушаган кезде Токтогул үргүлөй кетти* (Аалы).

2. Жыгылуу, жапырылып жатып калуу (мис., эгин, чөп ж. б.).

ЖУУШАНДЫ *зат.* Мал жуушаган жер. *Жылас болгон жылкынын Жуушандысы табылды* («Эр Төштүк»).

ЖУУШАҢ *зат.* Койдун, эчкинин жүнүн кыркуучу чоң кайчы. *Эки колунда эки жуушаң* (Аалы). *Бүлөө, кайчы, жуушаң кармап бүлүнүп, Белсенишет билектерин түрүнүп* (Осмонкул).

ЖУУШАТ жууша этишинин аркылуу мамилеси.

ЖУУШОО жууша этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮГӨН *зат.* Атка катылуучу ооздугу, тизгини, чылбыры бар ат шайманы. *Тайынан жүгөн салбай азоо өскөн* (Үсөнбаев). *Зоругуп өлгөн буудандын, Шыпырып алды жүгөнүн* («Мендирман»). *Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы* (макал).

ЖҮГӨНДӨ *этиш.* 1. Жүгөн катуу. *Укурук салбас азоолор Жүгөндөп минсең көнүгөт* (Токтогул).

2. *өт.* Багынтуу, баш ийдирүү. *Жүгөндөп өжөр дайраны, Жапан чөлдү сугарып* (Осмонкул). *Бар өнөрдү Багындырсак жүгөндөй, Техниканын бардык сырын түгөлдөп* (Элебаев).

ЖҮГӨНДӨӨ жүгөндө этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮГӨНДӨТ жүгөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮГӨНДҮҮ *сын.* Башында жүгөнү бар, жүгөн салынган. *Жүгөндүү ат.*

ЖҮГӨРҮ *зат.* Сабагы жоон, сотосуна дан алган, ири дандуу эгин жана анын даны. *Ырыска ырыс кошулду, Жүгөрү бизге барганы* (Шүкүрбеков).

ЖҮГӨРҮЛҮҮ *сын.* Жүгөрүсү бар; жүгөрүсү көп. *Колхоздун иши оң болсун, Азык-түлүк мол болсун. Жүгөрүлүү чүйлүктүн Жүгөрүсү тоо болсун!* (Осмонов).

ЖҮГҮН *этиш.* 1. Улууларга салам берүүдө же үйгө биринчи киргенде эки колун боруна алып башын ийүү, таазим кылуу (көбүнчө жаңы келген келиндер жөнүндө). *Үйдө кайнагаң бар, жүгүнүп кир* (Сыдыкбеков). *—Бар болуңуз! — деди да, Канышжан аста жүгүндү* («Мендирман»).

2. Даражасы чоң, өзүнөн улуу кишилерге ийилип таазим этүү, ызаат кылуу. *Мен кетейин! — деди да, Мендирман канга жүгүндү* («Мендирман»). *Калың дыйкан кубанычтуу кужулдап, Кай бирлери адил сотко жүгүндү* (Аалы).

ЖҮГҮНТ жүгүн этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮГҮНҮҮ жүгүн этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮГҮР *этиш.* 1. Чуркоо, тез-тез адым-

дап, ылдам жүрүү. — *Атам келатат!— дешип ар бир үйдөн мойтоңдогон кичинекей балдар жүгүрүп чыгышты* (Каимов). — *Айланайын Кардыгач, Азандан келдиң жүгүрүп* («Эр Табылды»). *Ат ордуна жолунда Автомобиль жүгүрдү!*

2. Таралуу, жайылуу. *Бетине кызыл жүгүрдү.*

ЖҮГҮРТ жүгүр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮГҮРҮК *сын.* Күлүк, катуу чуркаган, жүгүргөнү катуу. *Тигилүү үй, жатканмал, Жүгүрүк ит, кыраан куш, Мырзасы жүрмөк болдук кайындап* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кызып кетсе биреде Жүгүрүгү шамалдай* («Курманбек»).

◆ **Кызыл жүгүрүк** — муундар менен булчундардын сыздап катуу ооруган илдети, ревматизм. *Көкүс кызыл жүгүрүгү кармаса кантет?* (Сыдыкбеков). *Кызыл жүгүрүгүм бар десем, уккан жок* (Сыдыкбеков).

ЖҮГҮРҮҮ жүгүр этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮДӨ *этиш.* Арыктоо, азуу, жүдөмүш тартуу, начарлоо, чүнчүү. *Ажар жүдөдү, арыктады, өчту* (Баялинов). *Жедеп чарчаган, жүдөгөн балдар жерге олтура калышты* (Сасыкбаев).

ЖҮДӨҢКҮ *сын.* Арыктаган, өңүнөн азган, жүдөгөн абалга келген, чүнчүгөн. *Өңү саргайыңкы, жүдөңкү. Жүдөңкү тартуу.*

ЖҮДӨТ жүдө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮДӨӨ жүдө этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮДӨӨЛҮК *зат.* Өңүнөн азгандык, жедегөндүк, чүнчүгөндүк. *Желкемде кырк жамактуу жыртык чапан, Жүдөөлүктүн айынан мойнум салам* (Барпы).

ЖҮЗ I *сан.* 100 саны, эсеби. *Эки жүз түтүн эли бар. Бир жүз койдон жылына Бир жүз отуз козу алат* (Үсөнбаев). *Бүкөнтай бучук мурун үч жашар кыз. Бир күндө жүз жыгылып жүз басар кыз* (Осмонов).

ЖҮЗ II *зат.* 1. Адамдын бети, өңү. *Кубрды зарлай-зарлай кызыл жүзүм, Оорду он бир жашта эки көзүм* (Барпы).

2. Убакыт өлчөмүн билдирүү үчүн колдонулат. *Эки айдын жүзү болду.*

3. Иштин, фактынын кандай формада экендигин аныктоо маанисинде колдонулат. *Кат жүзүндө берилген кабар. Ооз жүзүндө жасалган билдирүү.*

◆ **Жүзү кара** *к.* **кара III. Эки жүздүү** *к.* **эки. Жүз аарчы** — бет аарчы, кол жоолук. **Жүзү жарык** *к.* **жарык I. Иш жүзүндө** — чынында, чын-чынына келгенде.

ЖҮЗДӨГӨН *сын.* Бир нече жүздөп келген, бир нече жүзгө жеткен. *Жүздөгөн уландар. Биздин сүрөтчүлөрдүн иштери жүздөгөн нускада тартылып турду* («Советтик Кыргызстан»).

ЖҮЗДӨН *этиш.* Бир нерсенин, бирөөнүн өңүнө, түсүнө окшоо. *Майлаган буудай жүздөнгөн* («Манас»). *Ач жалаңкыч жүздөнгөн.*

ЖҮЗДӨНТ жүздөн этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮЗДӨШ *этиш.* Жолугуу, кезигүү, жүз көрүшүү. *Ашык болуп жүздөшкөн, Алыстагы эмесмин* (Аалы). *Түш болсо да жүздөшүп, Кубанчыңа канайын* (Аалы).

ЖҮЗДӨШТҮР жүздөш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮЗДӨШҮҮ жүздөш этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮЗДҮК *зат.* Жүз санын билдирген өлчөм.

ЖҮЗӨ: жүзөгө ашуу — иш жүзүнө, турмушка ашуу. *Менин оюм жүзөгө ашса, ушул ылакапка дал келбейт беле* («Советтик Кыргызстан»).

ЖҮЗҮМ Чырмалып чыгуучу мөмөлүү бадал өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн мөмөсү. *Мына, райондогу жүзүм совхозун алып көрөлү* («Советтик Кыргызстан»). *Төрт ак нан жана эки кадак жүзүмдү жерге койду* («Советтик Кыргызстан»).

ЖҮЗҮМДҮК *зат.* Жүзүм тигилген жер, жүзүм өскөн жер.

ЖҮЗҮМДҮҮ *сын.* Жүзүмү бар, жүзүм көп чыккан, жүзүмү **көп**. *Алмалуу, жүзүмдүү калың бак* (Бөкөнбаев).

ЖҮЗҮМЧҮЛҮК *зат.* Жүзүм өстүрүү чүлүк, жүзүм багуучулук.

ЖҮЗҮНЧҮ *сан.* Жүздүн иреттик саны.

ЖҮЙӨ *зат.* Тууралык, жөнү бар, далили бар кеп, себеп. *Чынкожо менен Толтойду Жүйө менен жыкканы* («Семетей»). *Мени дагы кызартты Жүйөсү бар саламың* (Маликов).

ЖҮЙӨЛҮҮ *сын.* Жүйөсү бар, жөнү бар, далилдүү. *Бермет жүйөлүү кебин айтты* (Сыдыкбеков). *Жүйөлүү болсо айтканы, Балдардын тилин алып жүр!* («Мендирман»).

ЖҮЙРҮК: тили жүйрүк — сөздү кыйын билген, сүйлөөк.

ЖҮЙҮР *сын.* Жыш, арасы жакын; тез-тез. *Койду жүйүр төлдөтүү.*

ЖҮК *зат.* 1. Ташыла турган, бир жерден экинчи жерге жеткириле турган нерселер, буюмдар, таңылчактар. *Чоко жүгүн артып жөнөп калды* (Жантөшев). *Кээ бир вагондордон жүк көтөргөн кишилер да түшө баштады* (Абдукаримов). *Жеринен оогон жүктү жолдон оңой албайт* (макал). *Жүктү нар көтөрөт, азапты эр көтөрөт* (макал).

2. Оордук, түйшүк, мээнет. *Мага жүгүңдү артпай, өзүңчө оокатыңды кылсаң боло* («Чалкан»). *Ата-энесине жүк болбой, кайра аларды бага турган маалы келди, эми алардын жүгүн жеңилдетүүнү да ойго алсын* («Ала-Тоо»).

3. Үйдүн ичинде түрмөктөлүп, биринин үстүнө бири коюлган жууркан-төшөк. *Анархан жүктүн бурчунда жаткан куржунга кол сала баштады* (Жантөшев).

◆ **Кызыл жүк** — колхоз-совхоздор мамлекетке дан тапшырганда аштык жүктөлгөн ар кандай унаалардын тобу. *Кызыл жүк кетти чиркешип, Заводду көздөй баштанып* (Бөкөнбаев). **Ашка жүк, баш-**

ка жүк — эч пайдасы жок, колунан эчтеме келбеген, эчтеме таба албаган, аяк бошотор.

ЖҮКТӨ *этиш.* 1. Унаага, жүк ташычу ар кандай транспорттогo жүк артуу, жүк салуу. *Өгүзгө отун жүктөп жүрдүм сайдан, Жакшы сөз бир укпадым залим байдан* (Барпы). *Көмүрдү вагонго жүктөп жаткандар.. москоол көрүнөт* (Сасыкбаев). *Тактайларды же устундарды арабаларына сылай жүктөшөт да, Үч-Дөбөнү көздөй ат айдашат* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Бирөөгө кандайдыр бир ишти аткарууну же жоопкерчиликти милдеттендирүү. *Эл жүктөгөн милдетти ыйык сезишет* (Осмонкул). *Чындык бизге ыйык милдет жүктөдү* (Аалы).

ЖҮКТӨЛ жүктө этишинин туюк мамилеси.

ЖҮКТӨТ жүктө этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮКТӨӨ жүктө этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮКТӨШ жүктө этишинин кош мамилеси.

ЖҮКТҮҮ *сын.* 1. Жүк жүктөлгөн, жүк салынган. *Жүктүү өгүз. Жүктүү араба.*

2. *өт.* Боюнда бар, кош кабат. *Абай кылып караса, Айчүрөк жүктүү болуптур* («Семетей»). *Көксөп жүргөн байбиче, Жүктүү күнүн кечирди* (Аалы).

ЖҮЛЖҮГҮЙ . *сын.* Көздөрү бүтүйгөн, жүлжүйгөн. *Жүлжүгүй көз.*

ЖҮЛЖҮЙ *этиш.* Көзүн бүтүйтүү, көздөрүн жүлжүгүй тарттыруу. *Эки көзүн жүлжүйтүп, күлүмүш этти.* («Эл акындары»).

ЖҮЛЖҮЙТ жүлжүй этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮЛЖҮЙҮҮ жүлжүй этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮЛЖҮК жүлжүгүй менен бирдей.

ЖҮЛҮН *зат.* Адамдын жана айбандардын баш мээсине туташып, моюн, арка омурткаларынын ичинен орун алган нерв системасынын борбордук бөлүгү. *Жүрөгүн найза аралап, Жүлүнүн кошо жаралап* («Курманбек»). *Жүлүнгө сайып душманды, Жүрөктөн канын кулгутту* (Осмонкул).

◆ **Куба жүлүн** — өңү бозоргон, арык (адамга карата). *Сыякан деген жапалдаш бойлуу, орто жашаган куба жүлүн аял* (Байтемиров). *Куба жүлүн жигит шып кирип келди* (Бейшеналиев). **Жүлүнүнө тийүү** — бирөөнүн ачуусуна тийүү. *Бул ойноп айтылган сөз жүлүнүнө тиет.*

ЖҮН *зат.* Айбандардын, канаттуу куштардын денесин каптаган майда, жумшак түк, кыл. *Уяң жүн. Кылчык жүн. Ала койду бөлө кыркkан жүнөө жарыбайт* (макал). *Тотуну жакшы көрөзөгөн Кубулган түрдүү жүн болот* (Осмонкул).

◆ **Таканак жүн** — куштардын бутундагы жүнү. **Жүнү жата калуу** — көңүлүнө жагуу, оюндагыдай болуп ордунан чыгуу, жагымдуу болуу. **Жүндөй сабоо** — аябай уруп-сабоо, абдан уруу. **Жүнүн жейт** — абдан көп, сан жеткис. *Улар, кекилик, чил.. өңдүү куштар жүнүн жейт* (Сасыкбаев). **Сары жүн** — түлөө мезгилинде (мис., жылкы) түлөп түшпөй калган жүн. **Башыма жүн чыккандан бери** — бала күнүмдөн бери.

ЖҮНДҮҮ *сын.* Жүнү бар, денесин жүн каптаган, жүнү көп, жүндү көп берүүчү. *Асыл жүндүү калтар, суусар ошондой* (Үсөнбаев). *Уяң жүндүү кой. Тармал жүндүү машке.*

ЖҮР *этиш.* 1. Басуу, бир жакты көздөй кетүү, жөнөө, баруу. [*Мусабек*].. *жүрүп кетти* (Сасыкбаев). *Жүрүп бараткан пароходдун.. түтүнү* (Сыдыкбеков).

2. Кыймыл-аракетте болуу, кыймылдоо (шамалга, желге карата). *Көк бетине жылдыз жайнап, сыдырым шамал жүрдү* (Каимов). *Акырын жүрүп турган жел бороонго айланып, көчөдөгү ыпыр-сыпырлар чаңга аралаша түшүп* («Жаш ленинчи»).

3. Белгилүү бир жайда болуу, күн өткөрүү, жашоо. *Базарда жүргөн эле. Эсен-соо жүрүшөбү? Нарында жүрөт. Шаарда жүрөт.*

4. Бирөөгө жалдануу, кызматын кылуу абалында болуу. *Нечен жыл кызматын кылып, малай жүрдүк* («Ала-Тоо»).

5. Шахмат, дойбу, тогуз кумалак же карта оюндарында фигураларды жылдырып ойнотуу, жүрүү; кезеги келгенде оюнду аракетке келтирүү.

6. Аракетте болуу, күчүндө туруу. *Үстөмдүк жүрө баштады. Бийлик жүрдү. Жүрүп турган закондор. Бул акча жүрөбү?*

7. Иштелүү, аткарылуу процессинде болуу. *Сабак жүрүп жатат. Ремонт жүрдү.*

8. Ойноштук, көңүлү жакындык абалында болуу. *Жүргөн кишиси ким экен? Экөө качантан бери жүрө башташыптыр?*

9. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Шаарда окуп жүрөт. Күнүгө келип жүрөт.*

◆ **Жүр нары** — эптемей, эптеп бүтүрө салмай, халтура.

ЖҮРГҮЗ жүр этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮРГҮНЧҮ *зат.* Жолоочу, жол жүрүп бараткан адам. *Жүргунчүлөр.. жай-жайына олтурушту* (Жантөшев). [*Машинанын*].. *үстү толгон жүргунчү* (Баялиев).

ЖҮРГҮЧ *сын.* Жүргөндү (ойноштукту) жакшы көргөн, жүргөнгө берилген.

ЖҮРДӨӨК *сын.* 1. Тез жүргөн, өктөм жүрүшү мыкты (ат, унаага карата).

2. Жүргүч, жүргөнгө берилген (адамга карата).

ЖҮРМӨ: сары жүрмө — уйдун май луу ичегиси.

ЖҮРӨК *зат.* 1. Кан айлануу жолдорунун борбордук органы болгон булчундуу баштыкча. *Жүрөгүн тыңшап оорунун, Жылмайып доктор сүйлөдү* (Бөкөнбаев). *Жүрөк оорусу.*

2. *өт.* Негизги борбор, бүткүл бир системаны кыймыл-аракетке келтирип тур-

ган кыймылдаткыч күч. *Кызыл Москва, таалай нурун таратып, Кең мекенге жүрөк болуп турасың* (Шамшиев). *Жер жүрөгү Москвадан Күүлөр ширин тартылат* (Бөкөнбаев). *Буу казандарын кайнатуучу цех фабриканын жүрөгү* (Сасыкбаев).

◆ **Жүрөгү түшүү** — 1) абдан катуу коркуу. *Күланда экөөбүздүн жүрөгүбүз түшүп кала жаздады* (Жантөшев), 2) катуу коркуудан болгон баланын оорусу. **Жүрөккө тийүү** — тажатуу, бир нерсени көргүсү келбей калуу. *Көп жол жүрүп жүрөгүнө тийген.* **Жүрөгү оозуна тыгылуу** к. **ооз. Жүрөгүн алуу** — биротоло коркутуп алуу, кайратын качыруу. *Бу жургөн журттун баарысын Жүрөгүн алып болтурду* («Манас»). **Жүрөк заада болуу** к. **заада II. Жүрөк айнуу** — кускусу келүү. *Ай, үйдө ким бар?.. Чылапчын алып чык, жүрөгүм айнып кетти!* (Байтемиров). **Жүрөгү өлүү** — абдан коркуп калуу, жалкып калуу, бир нерсени эсинчи кайталабас болуу, көңүлү калуу. *Мен маалимге жемелетип баламдын жүрөгүн өлтүрө албайм* (Сыдыкбеков). **Эр жүрөк** — баатыр, эч нерседен таймanбаган. *Эр жүрөк адам.* **Жүрөгү от** — кайраттуу, тайманбас эр. **Жүрөгүндө кара жок** к. **кара III. Бок жүрөк** — коркок, кайратсыз. **Жүрөгү даабоо** — коркуу, кайрат көрсөтө албоо. **Суу жүрөк** к. **суу I. Ак жүрөк** — ак ниет, адилет. *Адам болсо ак жүрөк, адал көңүл, Ага кызык эмес акылсыз өмүр* (Шүкүрбеков). **Кара жүрөк** — ниети бузук, карасанатай, душман. *Кара жүрөк Канчоро Кан болуп бийлик жүргүзду* («Семетей»). **Жүрөк шуу дей түшүү** к. **шуу II. Эт жүрөк** — адамдын башынан өткөргөн жакшылык-жамандык сезимдери топтолгон символ. *Энеден эрте мыңдуу эт жүрөгүм Эзилди жакшылыктан үмүт кылбай* (Абдыраманов). *Чагылды кош көзүнө менин көзүм, Чыдады жарылбастан эт жүрөгүм* (Абдыраманов). **Ташжүрөк** — кайраттуу, тайманбас, баатыр. *Жолборс билек, таш жүрөк, Жоодон корккон жан эмес* («Манас»). *Төртүнчү баатыр таш жүрөк, Баатырлык менен эл сүрөп* (Тоголок Молдо).

ЖҮРӨКСҮ *этиш.* Коркуу, эси чыгуу, коркунучту сезүү. *Биз жүрөксүп калтаарыган кездерде, Жол көрсөтөт экилентип канатты* (Аалы). *Жеңишбек эми гана, ал күркүрөк басылгандан кийин гана, жүрөксүй баштады* («Советтик Кыргызстан»).

ЖҮРӨКСҮН жүрөксү менен бирдей.

ЖҮРӨКТӨШ *сын.* Жан дешкен, кыйышпас, **бири-бирин ысык көрүшкөн.** *Жүрөктөш жар. Жүрөктөш дос.*

ЖҮРӨКТҮҮ *сын.* Кайраттуу, баатыр, коркпос. *Ким жүрөктүү, ким коркок, Суу ичинде сыналат* («Курманбек»).

ЖҮРӨКТҮҮЛҮК *зат.* Баатырлык, коркпостук, кайраттуулук.

ЖҮРӨКЧӨ *зат.* Кичинекей дөбө жер. *Айылдын орто чекинде кичинекей жүрөкчөдө чоңдор отурушат* (Жантөшев). *Капчыгайдын оозундагы жүрөкчөнү айланып өтүшкөндө, Ниязкул менен Майлыштын алдынан беш-алтыдай кибиреген кебээ айдап бараткан жаш бала кезигет* (Абдумомунов).

ЖҮРҮМ *зат.* Жүрүш-туруш, кылык-жорук, тартип. *Жүрүмү жаман жигит.* [*Акбар*].. *өзүнүн иши жана жүрүм-турумu менен колхозчуларыбыздын улуусуна ини, кичүүсүнө ага болуп калды* (Убукеев).

ЖҮРҮҮ жүр этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮРҮШ *зат.* 1. Кадам, басык, басыш. *Аттын жүрүшү менен келдик. Жоргосу жок жүрүш* (Тоголок Молдо). *Тобурчактай булкунган уландар.. шаңдуу жүрүш менен.. алга жөнөп калышты* (Жантөшев).

2. Кандайдыр бир максатты, ишти бет алып жапырт аттануу, жолго, саякатка, күрөшкө чыгуу.—*Жүрүшкө жарайсыз, жигит,— деди врач тизмесиндеги Мөкүштүн тушуна плюс белгисин коюп* (Таштемиров).

◆ **Жүрүш-туруш** — кылык-жорук, адамдын керт башынын нормасы, жүрүм-турум. *Карылыктын жеткеніненби, Чоконун жүрүш-турушу мурункудай эмес* (Жантөшев). *Кээ бир көпкөндөр Адашат жүрүш-турушtан* (Шүкүрбеков).

ЖҮРҮШТҮҮ жүрдөөк менен бирдей.

ЖҮТКҮН *этиш.* Бир нерсеге жакындоо, илгерилөө үчүн обдулуу, алга карай жутунуу. *Отургандар алга жүткүнүшүп, моюндарын созду* (Сасыкбаев). *Мен өзүм да жетим өскөн жеткилең, Канат кагып жаңы нурга жүткүнөм* (Бөкөнбаев). *Ашыр Мустафаны көздөй жүткүнүп сурады* (Сасыкбаев).

ЖҮТКҮНТ жүткүн этишинин аркылуу мамилеси.

ЖҮТКҮНҮҮ жүткүн этишинин кыймыл атоочу.

ЖҮҮН *зат.* Кыр аркалардын кошулган жери.

◆ **Муун-жүүн** — муундар жана кыр аркалардын кошулган жерлери. *Муун-жүүнү «кырс-кырс» эте баштады* (Сыдыкбеков). *Түгөнгөн карылык муун-жүүндү каруусунан кетирип карытат тура* (Сыдыкбеков). **Жүүнү бош** — болбураган, тың эмес, колунан эч нерсе келбеген. *Түрүкөр үрпөйүңкү, жүүнүңөр бош, Келдиңер эмнеден үркүп-коркуп* (Калык). *Жүрөгү майсыз жүүнү бош жаманды эмне кыламын.*

ЖҮҮРТӨ: жүүртө басып отуруу — бир тизени бүгүп, ошол бүгүлгөн бутка көчүгүн баса отуруу. *Жүүртө басып музга отура калабыз* (Баялинов).

ЖЫБАНАК *зат. эс.* Жолборстун сөөгү. *Жыбанак саптуу ак кестик.*

ЖЫБЫЛЖЫ *этиш.* Акырын, жылжып агуу, акырын жай кыймылдоо. *Булактан жыбылжып аккан тунук суу күн нурuна чагылышып, куду күмүш өңдүү жаркырайт* (Таштемиров). *Жыбылжыбай батыраак айтсаңчы!*

ЖЫБЫЛЖЫТ жыбылжы этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫБЫЛЖУУ жыбылжы этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫБЫҢ: жыбың этүү — көздү бир ирмеп коюу.

ЖЫБЫҢДА *этиш.* Көздү бат-бат ачып-жумуу, бат-бат ирмөө.

ЖЫБЫҢДАТ жыбыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫБЫҢДОО жыбыңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫБЫР I *зат.* Бир нерсенин алачокул, өңгүл-дөңгүл, тегиз эмес бети. *Майда жыбырлар, көөдөнүн кергенсип турган апай беттер ушул жерге көрк бергенсип, көздүн жоосун алат* (Таштемиров). *Азганакай жыбырга Ат кулактуу шабырга Алды барып токтоду* («Манас»).

ЖЫБЫР II: жыбыр-жыбыр этүү — суунун же башка суюктуктун үстүнө майда быжыр чыбырчыктар пайда болуу.

ЖЫБЫРА *этиш.* Көп болуп жайнап көрүнүү, майда-майда болуп жайноо, быжыроо. *Көлүндө балык жыбырайт, Жүргөндөй койчу мал жайып* (Үсөнбаев). *Чүкөсүндөй упайдын Койлор жатат жыбырап* (Үмөталиев). *Жыбырап жылдыз орногон, Асман түрдүү кандай шаар* (Калык).

ЖЫБЫРАТ жыбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫБЫРОО жыбыра этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫБЫТ *зат.* Кичине кокту, жылга. *Коён жүрөт жыбытта, Коркуп качып бултулдап* («Кыргыздын эл акындары»). *Ормуш жердин ыңгайын болжоп алды да, берки жыбыт менен өйдөлөп отуруп, эликтердин капталынан чыкмак болду* (Байтемиров).

ЖЫБЫТЧА *зат.* Кичинекей жыбыт. *Эки атчан киши чапкылап үйдөн берки жыбытчага кирип кетишти* (Жантөшев). *Жыбытчанын ичи менен боортоктоп жылды* (Сыдыкбеков).

ЖЫГАЧ *зат.* 1. Катуу сөңгөктүү жана бутактуу көп жылдык өсүмдүк, бак. *Мөмө жыгачтары. Алма жыгачы. Тыт жыгачы. Адам көркү үчүрөк, жыгач көркү жалбырак* (макал).

2. Ушундай өсүмдүктөрдүн курулушта, ар түрдүү буюмдарды жасоого жана отун катарында пайдаланыла турган сөңгөгү, андан иштетилип алынган материалдар. *Үйдүн жыгачын, башка материалдарын камдап койдук. Жыгач отун. Жыгач табак.*

◆ **Ат жыгач** — тегирмен жабдууларынын бир бөлүгү. **Ок жыгач** — кош ат чегилген арабанын алдынкы огуна бекитилип, аттардын ортосун бөлүп турган узун жыгач. [*Чаргын*].. *арабанын ок жыгачын сууруп келди* (Сыдыкбеков). **Кашек жыгач** — рама. [*Мышык*].. *тырмактарын жаза тыгыратып, терезенин кашек жыгачын тырмады* (Сыдыкбеков). **Сары жыгач** — бөрү карагат мөмөсүнүн жыгачы, ушул мөмөнү берүүчү бадал.

ЖЫГАЧТУУ *сын.* Жыгачы бар, өскөн жыгачтар көп, бактуу. *Жайыктан ары карай бадалдуу, арчалуу жана түркүм жыгачтуу боор* (Жантөшев).

ЖЫГАЧЧЫ *зат.* Жыгач устасы, жыгачтан ар кандай буюмдар жасаган адам. *Жыгаччы болгон адамга, Сыйда сулуу тал жакшы* («Мендирман»). *Жыгаччынын белгиси Ийрини тезге түзөгөн* (Осмонкул).

ЖЫГАЧЧЫЛЫК *зат.* Жыгач усталык кесиби.

ЖЫГУУ жык этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫГЫЛ жык этишинин туюк мамилеси.

◆ **Бутка жыгылуу** — чөгөлөп, тизелеп кечирим суроо, күнөөсүн мойнуна алуу, бир нерсе сурап өтүнүч кылуу. *Ал дагы жалдыратып көнбөй койду, Бутуна жыгылса да нечен жолу* (Үмөталиев). **Доого жыгылуу** — айып тартуу, айып тартып, бирөөгө төлөмөр болуу. *Жалган жалаа менен доого жыгылып, жалгыз музоолуу уюн.. айыпка берди* (Жантөшев). **Уурулукка жыгылуу** — уурулук кылгандыгы мойнуна түшүү. *Уурулукка жыгылат Тири адамдын жаманы* (Токтогул). **Сөзгө жыгылуу** — туура, фактылуу, жүйөлүү сөзгө каршы жооп таба албай калуу; сөзгө жеңилүү.

ЖЫГЫЛЫШТУУ *сын.* Моюнга алган, жүйөлүү, орундуу деп эсептеген. *Биз сизге жыгылышттуубуз. «Ал сөзүңүзгө жыгылыштуумун» деди Өскөнбай* (Таштемиров). *Ырас, жыгылыштуумун, айып менде.*

ЖЫГЫРМА *туурасы:* **жыйырма**.

ЖЫДУУ жыды этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫДЫ *этиш.* 1. Чачы, жүнү түшүп, жылаңач териси калуу, чачы, жүнү түшүү. *Чачы таздын башындай жыдып түшүп калган. Кетериңде дүнүйө Жыдыган кара чачтайсың* (Токтогул).

2. Оюндун эрежесин бузуп алуу, оюнду уланта берүү укугунан ажырап калуу.

ЖЫДЫМАК *зат.* 1. Ордонун чүкө салына турган борбору.

2. Балдардын чүкө ойнунун бир түрү.

ЖЫДЫТ жыды этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЙ *этиш.* 1. Бир жерге чогултуу, топтоштуруу, жыйнап алуу. *Кызылча жайган талаадан Кыштакка чубап эл жүрдү* (Маликов). *Даңктуу келин, сен жыйдың Ак булуттай кебезди* (Аалы). *Кедейлер отун жыйды алда кайдан* (Маликов).

2. Үйдүн ичин иретке келтирүү, жуурканн-төшөктү, идиш-аякты ж. б. жыйыштыруу, жыйнап коюу. *Жүк жый. Идиш-аякты жыйып кой.*

3. Калыбына келтирүү, мурдагысындай болуу; күчөтүү, толуктоо. *Эсин жыйды. Эс-учун жыйды. Күч жыйды. Кайратын жыйды.*

◆ **Оозун жыйып алгыча** *к. ооз.* **Аттын оозун жыюу** — тизгинин тартуу, тизгинин тартып, басыгын жайлатуу. **Тизгин жыюу** — аттын оозун тартуу, аттын оозун тартып, жүрүшүн жайлатуу же токтотуу. *Аттын тизгинин жыйбай чаап жүрүп отурушту* (Бөкөнбаев). **Ичин жыюу** — ичи тартылып, сынына келүү, табына келе баштоо (ат, көбүнчө тапталган күлүктөр жөнүндө). **Жыйган-терген** — тапкан ар кандай оокат-тиричилик, мүлк, дүнүйө. *Жыйган-терген бирин-эки оокат.*

ЖЫЙДЫР жый этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЙНА жый менен бирдей.

ЖЫЙНАК I *зат.* Ар түрдүү документтер, адабий же башка чыгармалар топтолгон китеп. *Ырлар жыйнагы. Чыгармалар жыйнагы. Макалалар, документтер жыйнагы.*

ЖЫЙНАК II жыйнактуу менен бирдей. *Жыйнак жигит.*

ЖЫЙНАКТА *этиш.* 1. Топтоо, чогултуу, жыйноо.

2. Жыйынтыктоо, натыйжасын чыгаруу. «5» *деген баада бүтүргүн, Жыйнактап жылдык сабакты* (Нуркамал). *Жыйнактап баш-аягын, демин басып, Эл бир аз чуусуз дымып калган убак* (Абдыраманов).

ЖЫЙНАКТАЛ жыйнакта этишинин туюк мамилеси.

ЖЫЙНАКТАТ жыйнакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЙНАКТОО жыйнакта этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЙНАКТУУ *сын.* Тыкан, тыңчырак. *Жыйнактуу адамдар кайда жүрсө да, кандай шартта болсо да, жакшы адатын таштабайт* (Убукеев).

ЖЫЙНАКТЫК *сын.* Тыкандык, чырактык, тыңдык.

ЖЫЙНАЛ жыйна этишинин туюк мамилеси.

ЖЫЙНАЛЫШ *зат.* Чогулуш, кандайдыр бир маселени талкуулаш үчүн адамдардын чогулуп өткөргөн кеңеши, талкуусу. *Алар келгенде жыйналыш аяктап калган* (Бейшеналиев). *Партиялык активдер жыйналышы. Комсомолдордун жыйналышы.*

ЖЫЙНАТ жыйна этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЙНАШ жыйна этишинин кош мамилеси.

ЖЫЙНАШТЫР *этиш.* Жыйноо, жыйнап тартипке келтирүү, чачылып жаткан нерсени тартипке салып, жыйнап коюу. *Динар ыргып туруп, дептерлерин жыйнаштырды* (Сыдыкбеков). *Анархан үйдү ичин жыйнаштырып коюп, Супаханга кетти* (Жантөшев).

ЖЫЙНОО жыйна этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЙРУУ жыйыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЙРЫЛ *этиш.* 1. Бүйрүлүп чогулуу, бырышуу, чытылуу. [*Ашыр менен Кадырдын*].. *жыйрылган беттери жазыла түштү* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Бир нерсеге иренжип, нааразы болуу. *Агрономдун актысында ошондой көрсөтүлгөн экен! — деп секретарь бир аз жыйрыла түштү* (Убукеев).

ЖЫЙЫЛ жый этишинин туюк мамилеси.

ЖЫЙЫЛЫШ *зат. сүйл.* Жыйналыш. *Жыйылышка жазгы айдоо Маселеси коюлган* (Турусбеков).

ЖЫЙЫН I *зат.* 1. Топ, чогулган көп эл. *Калың жыйын кашы деп Кан Көкөтөй ашы деп* («Манас»).

2. Түшүм жыйноо, топтоо иши. *Күзгү мөмө-чөмөлөрдүн жыйыны аяктады.*

ЖЫЙЫН II *этиш.* Камынуу, даярдануу, үй ичин тартипке келтирүү. *Эртерээк жыйын.*

ЖЫЙЫНДЫ *зат.* Бардыгы; жыйынтык, бардыгынын кошулганы.

ЖЫЙЫНТЫК *зат.* Натыйжа. *Колхоздун бухгалтери жылдык эмгектин жыйынтыгын чыгарды* («Ала-Тоо»). *Кечинде комиссия жыйынтык чыгарды* (Байтемиров).

ЖЫЙЫНТЫКТА *этиш.* Жыйынтыгын чыгаруу, натыйжасын чыгаруу, корутундулоо.

ЖЫЙЫНТЫКТОО жыйынтыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЙЫНТЫКТУУ *сын.* Жыйынтыгы бар, натыйжалуу.

ЖЫЙЫР *этиш.* Бүйүрүү, бырыштыруу, тырыштыруу. [*Даша*] *Ашырды көрө коюп кашын серпип, чекесин жыйрып алды* (Сасыкбаев). *Кемпир.. кашын жогору жыйыра өкүнүчтүү карады* (Касымбеков).

ЖЫЙЫРМА *сан.* 20 саны, эсеби. *Жыйырма тыйын. Жыйырма менен отуз жаш — Жигиттиктин дөөлөтү* (Тоголок Молдо).

ЖЫЙЫРМАНЧЫ Жыйырманын иреттик саны.

ЖЫЙЫШ жый этишинин кош мамилеси.

ЖЫЙЫШТЫР *этиш.* 1. Жыйнаштыруу, жыйнап, иреттеп коюу. *Кагаздарын жыйыштырды. Өлмөскан казан-аяктарын жыйыштырды* (Жантөшев).

2. Токтотуп коюу, кандайдыр бир ишти андан ары улантпай, токтотуп таштоо. *Колдон келбеген ишти жыйыштырып коюш эле түзүк.*

ЖЫК I *этиш.* 1. Тикесинен турган нерсени узунунан түшүрүү, жыгылган абалга келтирүү. *Балбанды жыгып байге алган Мендирман түшүп күрөшкө* («Мендирман»). *Карагай жык. Жыга чап.*

2. Жеңүү, жеңилүүгө аргасыз кылуу. *Савельев курбусун сөзгө жыккан* (Сасыкбаев). *Жыкмайынча качпагын, Беттешип калсаң жоо менен* (Токтогул).

3. Буруу, бир жакка багыт алдыруу (суу жөнүндө). *Суу жыгып келгиле деп жумшады.*

4. Дуушар кылуу, бир нерсеге милдеттүү кылуу, чыгымдатуу. *Айыпка жык. Кунга жык. Күнөөгө жык. Он асыйга жыгып, чыгымдатып кетти. Доого жыгуу.*

ЖЫК II: жык толуу — абдан толуу, абдан көп болуу. *Мырзакан китептерге жык толгон текченин кычыгына көз жүгүрттү* («Ала-Тоо»). *Арманга ичи жык толуп, Акыры бүгүн муңайган* (Маликов).

◆ **Жык-жыйма** — абдан толгон, толтура. [*Эл*]..*тротуарларда жык-жыйма* («Жаш ленинчи»).

ЖЫЛ I *зат.* 1. Жердин Күндү бир айланып чыккан мезгили, 1-январдан баштап эсептелген он эки айлык убакыт өлчөмү. *Жаңы жыл. Өткөн жыл. 1965-жыл.*

2. Белгилүү бир күндөн тартып эсептегенде он эки айга толгон убакыт эсеби. *Баламдын аскерге кеткенине эми үч айдан кийин эки жыл толот* («Ала-Тоо»).

3. *эс.* Айбандардын аты менен аталган, акыркысы бүткөндөн кийин кайра баштан эсептеле берүүчү жана он экиси бир мүчөлдү түзө турган төмөнкү тартиптеги жыл эсеби: 1) чычкан, 2) уй, 3) барс, 4) коён, 5) улуу, 6) жылан, 7) жылкы, 8) кой, 9) мечин, 10) тоок, 11) ит, 12) доңуз.

◆ **Жыл сүрүү** *к.* **сүр III. Кара жыл** — кар жаабай, кышында жер кара болгон жыл. **Окуу жылы** — окуу башталгандан тартып, жайкы каникулга чейинки окуу процесси. *Окуу жылы аяктаарына аз калды* (Бейшеналиев).

ЖЫЛ II *этиш.* Ордунан козголуу, башка жакка жылжып өтүү, башка жакка жылжып бет алуу, илгерилөө. *Өздө турар шайы жок, Жылып барат Курманбек* («Курманбек»). *Көзгө сайса көрүнгүс, Карыш жыла албай койдум,* (Байтемиров). *Томсоруп колго түшкөн айыпкердей, Рейн агып калат кээде жылып* (Турусбеков).

ЖЫЛААЖЫН *зат.* Сала турган кушка тагылуучу кичинекей коңгуроо.

ЖЫЛААЖЫНДУУ *сын.* Жылаажын тагылган, жылаажыны бар.

ЖЫЛАН *зат.* 1. Сойлоп жүрүүгө ылайыктуу узун, жумуру денелүү, буттары жок, көбүнчө уулуу жаныбар. *Кара чаар жылан. Суу жылан. Сары жылан.*

2. Мүчөлдүн алтынчы жылы.

3. *өт.* Заардуу. *Самтырканды биз билебиз. Анын тили жылан катын* (Байтемиров).

◆ **Жылан боор камчы**— жыландын бооруна окшош өрүлгөн камчы. [*Күлжан*]. *Эликтин бутуна сапталган жылан боор.. камчысы менен жолдун жээгиндеги эрбейип көрүнгөн куурайларды чапкылап, көңүлүн алагды кылып баратты* (Байтемиров). **Жылан сыйпагандай** *к.* **сыйпа. Жыландын башын кылтыйтуу** — коркутуу, сес көрсөтүү. **Жыландын куйругун басып алуу** — ачуусу жаман, терс кыялдуу адамдардын жинине тийип алуу, байкабай сүйлөп отуруп бир балакетке кабылуу. **Чала өлтүргөн жыландай** — арсар; аягына жеткире иштелбеген, аяктабаган, чала калтырылган.

ЖЫЛАҢАЙЛАК жыңайлак менен бирдей.

ЖЫЛАҢАЧ *сын.* 1. Үстүндө кийим жок; денеңин кийимсиз турган жери. *Үйдүн көлөкөсүндө жылаңач жатып уктап калыптырмын* (Сыдыкбеков). *Күз айларында да бел кырчоого чейин жылаңач туруп иштөөгө туура келет* (Абдукаримов).

2. Бетинде эч кандай өсүмдүгү жок, өсүмдүк өспөгөн (талаа, тоо жөнүндө); бутактары жылаңачталган, жалбыктары түшкөн (даректар жөнүндө).

◆ **Ач-жылаңач** — азып-тозгон, кийими жыртылган, иче эрге тамагы жок. *Муңайып ач-жылаңач жаралуу жан* (Аалы).

ЖЫЛАҢАЧТА *этиш.* Чечиндирүү, киймин, жамынчысын шыпырып алып, жылаңач кылып коюу.

ЖЫЛАҢАЧТАН жылаңачта этишинин өздүк мамилеси.

ЖЫЛАҢАЧТАТ жылаңачта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛАҢАЧТОО жылаңачта этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛАҢБАШ жыңалбаш менен бирдей.

ЖЫЛАҢБУТ *сын.* Жыңайлак. *«Мен чечем бул түйүндү» — деп сүйлөдү Жылаңбут, ак сакалдуу бир карыя* (Бөкөнбаев).

ЖЫЛАС: жылас болуу — жок болуу, жоголуу, жоюлуу. *Алты ай болгон кеткени, Жылас болгон жылкынын Жуушандысы табылды* («Эр Төштүк»). *Ополдойдон көкөндө, Келип кондуң жериңе, Жытыгып калган башынан Жылас болгон көрүңө* (Тоголок Молдо). **Жылас кылуу** — жок кылуу, таш-талканын чыгаруу. *Атамдын кунун аламын, Ээрчитип жүрүп атасы Өз атамды баш кылып, Жылас кылып таштаган* («Семетей»). *Дөөгүрсүгөн дөөлөрүн Жылас кылып таштады* («Семетей»).

ЖЫЛБЫРСКА *зат.* Убактына жетпей эрте туулган, ара туулган козунун тармал боло элек териси. *Атабек ара туулуп өлгөн козунун жылбырска кара терисин берди* (Жантөшев).

ЖЫЛБЫШ *этиш.* Сыйгалануу, тайгалануу, токтобой жылып түшүп кетүү. *Чокойдун таманы жылбышып тайгалана берди* (Аалы). *Керез атынан жылбышып түшүп, агытып жиберип, үйүн көздөй жылт коюп качып жөнөдү* (Бейшеналиев).

ЖЫЛБЫШКАК *сын.* Сыйгалак, тайгалак, жылбышып кетме.

ЖЫЛБЫШТЫР жылбыш этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛБЫШУУ жылбыш этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛГА *зат.* Кичине кокту, узунунан кеткен ойдуң жер. *Көл башында Жыргалаң, Көп кендер чыкты жылгадан* (Убукеев). *Жылгада жүрүп ырдайбын, Жыргалдуу заман доорунда* (Осмонкул). *Муздак булак жылгадан Агып турат шылдырап* (Бөкөнбаев).

ЖЫЛГАЛУУ *сын.* Жылгасы бар, жылгасы көп. *Тектири көп жылгалуу, Тескейи тулаң чөбүбүз* (Тоголок Молдо). *Эркиндин көз алдында кокту, колот, жыбытжылгалуу майда булак, аска-зоолуу жаңы жер турду* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЫЛГАЯК *сын.* Сыйгалак, тайгалак. *Долон бел кырка жонун ак кар баскан, Жолунда көк жылгаяк муздар каткан* (Мали

ков). *Көк жылгаяк муздун үстүнө самолётторду кондурушту.*

ЖЫЛГЫН *зат.* Топ-топ болуп чыгуучу чырпык сыяктуу бадал өсүмдүгү. *Жылгын, тикен, чытырман, Тегерете чеп экен* (Осмонкул).

ЖЫЛГЫНДУУ *сын.* Жылгыны бар, жылгын көп чыгуучу. *Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас, Жердин жайын айтайын* («Манас»).

ЖЫЛДАШ *сын.* Мүчөлдүн он эки жылынын биринде туулуп, жылы окшош болгон (мисалы, экөөнүн тең жылы кой же жылкы болуп калган). *Көзүмө жакшы көрүнөт Теңтуш-курбу жылдашым* («Жазгыч акындар»). *Экөөбүз жылдашпыз* (Убукеев).

ЖЫЛДЫЗ *зат.* 1. Түнкүсүн адамдын көзүнө жарык чекит сыяктанып көрүнгөн асман телосу. *Жылдызын санап асмандын Жылкыда жүрүп какшандым* (Бөкөнбаев). *Жылдыздар жымың-жымың этишет.*

2. Үч бурчтук түрүндө болгон учтуу жактары бар геометриялык фигура; ушундай формадан турган значок; ордендин же башка сыйлыктын ушундай формадагы белгиси. *Төлдөтүп ашык чарбасын, Төшүнө жылдыз тагынган* (Осмонкул).

3. *өт.* Көрктүүлүк, жагымдуулук, жаркылдаган жайдары көрүнүш. *Жылдызы жанган жигит. Адамдын жылдызы эле го!*

◆ **Жылдызы ысык** — мээримдүү, жагымдуу, сүйкүмдүү. *Өзүмө кошо төрөлгөн, Жылдызы ысык көрүнгөн Өткөрө тулпар Торучаар. Ошондо окко алдырдым* («Манас»). **Жылдызы жерге түшүү** — сынуу, көңүлү чөгүү, капа болуу. *Капсаландык жылдызы жерге түшүп, үшкүргүү таш жарды* (Бейшеналиев). **Жылдызы каршы болуу** — жаман көрүү, жактырбоо, каршы болуу.

ЖЫЛДЫЗДУУ *сын.* 1. Жылдыздар жыбырап көрүнгөн, ачык (асмандын түнкү көрүнүшү жөнүндө). *Жылдыздуу түн. Жылкы баккан кишиге Жылдыздуу, айлуу түн кызык* (Осмонкул).

2. *өт.* Сүйкүмдүү, жайдары, жүзү жарык. *Мандайы жарык жылдыздуу, Шерик болот ырыска* (Осмонкул). *Дүйшөнкулдун жылдыздуу иреңи.. көзүмө элестеди* (Бөкөнбаев).

3. *өт.* Бактылуу, таалайлуу. *Жылдыздуу балалык.*

ЖЫЛДЫЗЧА *зат.* Кичине жылдыз (2-маанисинде).

ЖЫЛДЫК *сын.* Мезгили, мөөнөтү жыл боюнча эсептелген, жылга тете келген. *Беш жылдык план. Бир жылдык кызмат кылмакка, Тайга жүрдүң кедейлер* (Тоголок Молдо).

ЖЫЛДЫР жыл этишинин аркылуу мамилеси.

◆ **Тап жылдырбоо** *к.* **тап VI. Кыл жылдырбоо** *к.* **кыл I.**

ЖЫЛДЫРМА *зат.* Арамза, астыртан жамандык издеген, астыртан жылдырып ушак айтуучу. *Жылдырма билиндирбей ушак айтат, Көнгөн соң, бул мүнөзгө кантип кайтат* (Тоголок-Молдо). *Амандын.. алдыртан жылдырмасы бар* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Жылдырма ууру** — майда-чүйдө нерсени кымырып алма майда ууру.

ЖЫЛЖАКТА *этиш.* Орунсуз сүйлөп, жөнү жок тамаша кылуу, калжактоо. *Жылжактаган немеге баарыбызды Алмашабы чын сүйгөн ата болсо!* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЫЛЖУУ жылжы этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛЖЫ *этиш.* Акырын жылуу, жай агуу, жылып агуу. *Суу жылжып агат. Жылжып араң аккан суу менен да сугат сугарабы?* («Ала-Тоо»).

ЖЫЛЖЫТ жылжы этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛКЫ *зат.* 1. Сом туяктуу, кепшебей турган, унаа катарында пайдалануучу бодо мал, төрт түлүк малдын бир түрү. *Чоктой тору, ок жетпес, Кай колхоздун жылкысы?* (Аалы). *Жылкы фермасы.*

2. Мүчөлдүн жетинчи жылы. *Жылымды сүрсөм жылкы экен* (Маликов).

◆ **Жылкы заводу** — асыл тукум жылкы өстүрүүчү чарба. *Жылкы завод аттары, Жээрде кашка марал баш* (Осмонкул).

ЖЫЛКЫЛУУ *сын.* Жылкыга бай, жылкысы көп. *Сан жылкылуу. Мен жылкылуу жердемин, Эл тулпарын багамын* (Маликов).

ЖЫЛКЫЧЫ *зат.* Жылкы баккан адам, жылкы өстүрүүчү.

ЖЫЛКЫЧЫЛЫК *зат.* Жылкы баккан адамдын кесиби, жылкы багуучулук.

ЖЫЛМА *сын.* 1. Быдыры, бүдүрү жок, тептегиз. *Жылма таш.* [*Ашым*].. *таштын жылма бетине тамгаларды түшүрө баштады* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Астыртан, тымызын, жылдырып бүтүрө салма. *Жылма митаам. Ал ишти жылма гана бүтүрүп коймо куулардан эмеспи* («Чалкан»).

ЖЫЛМАЙ *этиш.* Үн чыгарбай күлүү, күлүмсүрөө. *Карыя жылмайып койду да, өзүн тиктеп турган Шатенге жалт карады* (Аалы). *Аскар акырын ууртунан жылмайды* (Сыдыкбеков).

ЖЫЛМАЙТ жылмай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛМАКАЙ *сын.* Быдыры, бүдүрү жок, тептегиз, сыйгалак, жылма.

ЖЫЛМАЛА *этиш.* 1. Жылма кылуу, быдырын кетирип тегиздөө, жылмакай тегиздөө, жылмакай кылуу. [*Сатар*].. *кабыгын аарчып, бутактарын кетирип, жылмалап койгон ичке шыргыйдын кылда учуна кызыл материянын бир жак четин чебердик менен ороп, аны ийне менен бекемдеп тикти* (Таштемиров). [*Жыгаччы*].. *сүргүлөп тактай жылмалайт* (Сыдыкбеков). *Бир станокто сом темирди көзөп жатса, дагы бирөөндө килейген курч болотту жылмалап жатат* (Таштемиров).

2. *өт.* Сөздү жасап сүйлөө, түзөп айтуу. — *Кечиргин, Маруся, мен элчилеп жылмалап айткан сулуу сөздү билбейм* («Советтик Кыргызстан»). *Жылмалап айткан сөзу жок, Таш урандай турс этер* («Мендирман»).

ЖЫЛМАЛАТ жылмала этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛМАЛОО жылмала этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛМАҢДА *этиш.* Кылыктанып жылмая күлүү, ойноктогон ачык, шайыр мүнөздө болуу. — *Биздин жаныбызга жылмаңдаган эки жаш келин олтуруп калышты* (Бейшеналиев). — *Элден мурун таанышып коёлучу — деди жылмаңдаган кара бала* (Бейшеналиев).

ЖЫЛМАЮУ жылмай этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛПЫЛДА *этиш.* Жылбышуу, колдон суурулуу. *Суудан чыккан балыктай колго кармалбай жылпылдайт.*

ЖЫЛТ *туур.* Кыймыл-аракеттин тездигин, күтүлбөгөн жерден көрүнө калуу, жок болуп кетүү же жарыктын чагыла түшүү учурун билдирүүдө колдонулуучу тууранды сөз. *Жылт этүү. Жылт коюу. Жылт-жылт жанган от.*

◆ **Жылт этме** — жылт коюп жүрүп кетме, карматпаган, колго жукпаган куу.

ЖЫЛТЫЛДА *этиш.* Жылт-жылт этүү, жылт этип көрүнүү. *Күн баткандан кийин тоо этегиндеги эзн талаадан от жылтылдады* («Советтик Кыргызстан»). [*Шахтада*].., *көздөрү гана жылтылдаган грузчиктер шамдагай кыймылдап жатышат* (Сыдыкбеков).

ЖЫЛТЫЛДАК. *сын.* Жылт-жылт эткен, жылтырак, жылтылдаган. *Кыйкыруучу заңкылдап канаты бүтүн чагында, Тажысы башта селкилдеп, жылтылдак жүнү барында* (Шүкүрбеков).

ЖЫЛТЫЛДАТ жылтылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛТЫЛДОО жылтылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛТЫР *сын.* Жылтыраган, жылма, такыр. [*Тормозчулар*].. *кара жылтыр колун чокко какташты* (Сасыкбаев). *Жылтыр кара көрпө.*

ЖЫЛТЫРА *этиш.* Жылт-жылт этүү, жылтылдоо. *Жеңил машина кыштакка кире бергенде, жону жылтырап күнгө чагылышчу* (Сыдыкбеков). *Парталар жылтырап таза* (Сыдыкбеков).

ЖЫЛТЫРАК *сын.* Жылтылдаган, жалтырак, жалтылдаган. *Жылтырак металлдар.*

ЖЫЛТЫРАТ жылтыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛТЫРКАН *зат.* Мал жей турган чөп. *Кашка беде, жылтыркан Оттоп жүрдүң куба кой* (Тоголок Молдо). *Жылтыркаңы, шыбагы Белден болуп чириптир* («Манас»).

ЖЫЛТЫРКАНДУУ *сын.* Жылтыркаңы бар, жылтыркан көп чыккан. *Оргуган булак суусу бар, Жылтыркандуу шыбагы, Жыргалдуу экен убагы* («Манас»).

ЖЫЛУУ I *сын.* 1. Жылуулук илеби бар, муздак эмес. *Балдар эчак жылуу төшөктө* («Ала-Тоо»). *Жаш туулган козулар өзүнчө жылуу күпкеде* (Жантөшев). *Жылуу суу. Күн жылуу болду.*

2. *өт.* Жамгымдуу, мээримдүү, ырайымдуу. *Жылуу мээрим менен Сабийра Динардын маңдайынан өптү* (Сыдыкбеков). *Мугалим балдарга жылуу жүз менен жылмая карады* (Сыдыкбеков).

◆ **Көзүнө жылуу учуроо** *же* **өңү жылуу учуроо** — тааныш өндөнүү, мурда бир жерден көргөндөй болуп сезилүү. **Жылуу орун** — турак алып, үйрөнүп калган жай, жер. *Жылуу ордунда калып, өз ооматтарын жүргүзүп жатышат* («Чалкан»).

ЖЫЛУУ II жылы этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛУУЛА *этиш.* Үшүбөгүдөй, муздабагыдай кылуу, жылуу болгудай кылып жабуу, кымтылоо. *Жылуулап жап. Короодо баккын жылуулап, Коомдош турган малыңды* (Осмонкул).

ЖЫЛУУЛАТ жылуула этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛУУЛОО жылуула этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛУУЛУК *зат.* 1. Бир нерседен чыккан жылуу илеп, бир нерсенин жылыган абалы. *Күндүн жылуулугу. Оттун жылуулугу.*

2. *өт.* Жагымдуулук, ырайымдуулук, мээримдүүлүк. *Анын айткан сөзүндө, кубанчында кандайдыр бир жылуулук бардыгын Карып сезди* (Жантөшев).

ЖЫЛЧЫК *зат.* Тешик, жарака жер. *Мен дагы жылчыктан карадым. Ичи караңгы тышка жакын жеринде гана ипичке жылчык жылтырайт* (Абдукаримов).

ЖЫЛЧЫКСЫЗ *сын.* Тешиксиз, жарака жери жок. *Бирок капкара калпак көзүнө кийилгенсип, дүйнө жылчыксыз түнөрдү* (Сыдыков).

ЖЫЛЧЫКТУУ *сын.* Тешиктүү, жаракасы бар. *Биздин катарыбызда кыртыш тактайдан жасалган жылчыктуу дубалдын артында кожоюндун тоокканасы бар эле. Токсон жери жылчыктуу керегеси жепирейген кара алачык жок* («Эл акындары»).

ЖЫЛЫ *этиш.* 1. Жылуу абалга келүү, жылынуу. *Күн жылыгандан жылыды. Топурак жылып, жан-жаныбарлардын тиричилиги башталды* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Жакшы мамиле кылуу, ийүү, ыраазы болуу, эрүү. *Баласын эркелетип жакшы көргөн адамга кимдин ичи жылыбасын!* (Убукеев). *Тоо куштары үн салышып сайраса, Жүрөк жылып күүгө толот айланып* (Осмонкул).

◆ **Чекеси жылыбоо** *к.* **чеке. Ичи жылуу** *к.* **ич I.**

ЖЫЛЫМЧЫ *сын.* 1. Даамы жок, жегиликсиз, бир аз жылып, даамы бузулуп калган.

2. *өт.* Астыртан, жашырын, тымызын жүрүп жаман иш иштеген. — *Ушул сыяктанып желип-жортуп жүргөн жылымчылар капкайдагыны билет.*

ЖЫЛЫМЫК *сын.* Бир аз жылыган, жылуу тарткан. *Күн жылымык тартты.*

ЖЫЛЫН *этиш.* Отко, тапка кактануу, өзүн, өзүнүн денесин жылытуу; жылуу болуп калуу. [*Батыш*].. *жедеп үшүгөндө үйгө кирип жылынат* (Байтемиров).

Алоолонгон жалынга жылынып жатышты («Советтик Кыргызстан»).

ЖЫЛЫНУУ жылын этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛЫТ жылы этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫЛЫТКЫЧ *зат.* Жылуулук берүүчү, жылытуучу прибор.

ЖЫЛЫШ I *зат.* 1. Бир орунда туруп калбастан алга жылгандык, илгерилегендик.

2. Оңоло баштагандык, жакшы боло баштагандык; ийгилик. *Оорунун жылышы барбы? Ар күнү, ар бир иште илгери жылышыбыз бар* (Убукеев). *Көргүлөчү биздин алга жылышты, Күчөтөбүз дал ушинтип жумушту* (Осмонкул).

ЖЫЛЫШ II *этиш.* Бир орундан экинчи орунга жылуу, орун алмашуу. *Жылышып отургулачы. Өйдөрөөк жылышып койгулачы.*

ЖЫЛЫШТА *этиш.* 1. Бир орунда, бир калыпта туруп калбастан, акырындап жылуу, илгерилөө, жылыш жасоо. *Жылыштап жүрүп олтуруп, Бул Алтайдан качалы* («Манас»). *Качып барып Турпандан, Кайта келдик жылыштап* («Жазгыч акындар»).

2. Оңолуу, жакшы боло баштоо. *Оорусу күндөн күнгө жылыштап оңолуп келатат.*

ЖЫЛЫШТЫР *этиш.* Ордунан жылдыруу, ордунан козгоп сыйлыгыштыруу, оошуруу.

ЖЫЛЫШТЫРУУ жылыштыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫЛЫШУУ жылыш этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМ: жым-жым этүү — жылт-жылт этип, бир көрүнүп, бир жок болуп кетүү. *Жым-жым өткен сулуу жылдыз көзүн ымдап бизди чакырат* (Шүкүрбеков). *Жымжым этип жылдыздар, Түндүн көркүн келтирди* (Токобаев). **Жым дей түшүү**— кубанып кетүү, оюндагысындай боло калуу. *Издегени табылгансып жым дей түштү.* **Жым-жым болуу** — бир нерсени башкаларга билгизбей, айтпай жашыруу, жашырып-жабуу. **Жым болуу** — унчукпай тим болуу. *Карылар муну укканда жым болушат, Көзүнөн жаш чуурутуп буурчак-буурчак* (Осмонов). **Жым жата** — жатар менен, ошол замат, жуп жатканда. *Каш карая, күн бата, Элдин алды жым жата* («Сариньжи—Бөкөй»).

ЖЫМЖЫРТ *сын.* Эч кандай добуш жок, тыптынч, мемиреген тынчтык. *Үй ичи жымжырт. Жымжырт жаткан талаа.*

ЖЫМЖЫРТТЫК *зат.* Мемиреген тынчтык, жымжырт болгон абал, бейкапарчылык. *Айланадагы жымжырттыкты аттардын гана күрсүлдөтүп чөп чайнаганы бузгансыйт* (Жантөшев). *Жымжырттык жарым минута созулбастан, Секирди Жардан бирөө таштап бойду* (Үмөталиев).

ЖЫМКЫР *этиш.* Катып алуу, бирөөнүн бирдемесин билгизбей жымырып алуу.

ЖЫМКЫРУУ жымкыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМСАЛ *сын.* 1. Одуракай эмес, жылмакай, сыйда.

2. Одоно эмес, жылма, сыпаа. *Жымсал түрдө иштелди. Жымсал корутундулап койду.*

ЖЫМСАЛДА *этиш.* 1. Жымсал, сыйда кылуу.

2. Сөздү, ишти жылмалап, жымсал кылып көрсөтүү. *Күнөөсүн жымсалдап айткан болуу.*

ЖЫМСАЛДАТ жымсалда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫМСАЛДОО жымсалда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМЫЙ *этиш.* 1. Билинбей, так өзүндөй болуп калуу, айырмасы, кемтик-кетиги байкалбоо.

2. Ичинен кубанып, ыраазы болуу, күдүңдөп сүйүнүү. [*Токтогул*].. *жымыйган бойдон босого жакты карады* (Аалы). *Ак бейил жеңе жымыйып күлдү да, Адыл узап кеткиче зээчий карап туруп калды* (Убукеев).

ЖЫМЫЙТ жымый этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫМЫЛДА *этиш.* 1. Жыпжылма болуп көрүнүү, тептегиз болуу, жыпыйып калуу. *Өңүң жымылдап турат. Жымылдаган жип.*

2. *өт.* Ичинен кубануу, ыраазы болуу, сүйүнүү. *Бала баатыр Курманбек Жымылдап чери тарады* («Курманбек»). *Ичинен жымылдап турат.*

ЖЫМЫЛДАТ жымылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫМЫЛДОО жымылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМЫҢ: жымың-жымың этүү — 1) кубанып, күдүңдөп жылмая күлүү; күлүңдөө. *Сүйгөнүм деп сүйлөсөм, Жымың эттиң тим гана* (Аалы); 2) жылт-жылт этүү, бир жок болуп, бир жылтылдаган көрүнүштө болуу. *Жылдыздар жымың-жымың этишет.*

ЖЫМЫҢДА *этиш.* Жымың-жымың этип күлүү, кууланып күлүңдөө. *Шек билгизбей жымыңдап, Көзүн ымдайт кымыңдап* (Шүкүрбеков).

ЖЫМЫҢДАТ жымыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫМЫҢДОО жымыңда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМЫР жымкыр менен бирдей.

ЖЫМЫРАЙ *этиш.* 1. Жымпыйып билинбей калуу, эч нерсеси сезилбей, байкалбай калуу.

2. Кабарсыз, шеги жок болуп кетүү, эч нерсеси угулбай, туюлбай калуу.

ЖЫМЫРАЙТ жымырай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫМЫРАЮУ жымырай этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМЫРЫЛ *этиш.* 1. Кымырынуу, жыйрылуу, билгизбөөнүн, көрсөтпөөнүн аракетинде болуу. *Ракыя майрык буттуу Чолпондон боюн жашырып, жымырылып отурду* (Байтемиров). *Татыбек акырын жымырылып эшикке чыкты* (Байтемиров).

2. Ичинен тынуу, эчтеме дебей, унчукпай калуу. [*Сурма*].. *андан ары сөз жалынын ырбаткысы келген жок, жымырылып калды* (Байтемиров).

ЖЫМЫРЫЛУУ жымырыл этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫМЫЮУ жымый этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫНЖЫР *туурасы:* **чынжыр.**

ЖЫНЫС *зат.* Адамдын жана айбандардын эркек, ургаачылык бөлүнүшү, ушундай бөлүнүштүн жалпы белгилери.

ЖЫНЫСТЫК *сын.* Жыныска байланыштуу, жыныска таандык. *Жыныстык белгилер. Жыныстык мүчөлөр.*

ЖЫҢ *зат.* Алты жүз граммага жакын келген чен өлчөмү. *Он жың апийим дейсиз, оордугу ушунчалык апийим таап берсем эле болбодубу?* (Турусбеков).

ЖЫҢАЙЛАК *сын.* Бутунда кийим жок, бут кийимсиз. *Козу союп жаткан.. кара жигит.. жыңайлак балдардын төртөөнө козунун төрт шыйрагын кесип берди* (Аалы). *Жыңайлак таманды изи даана калат* (Сыдыкбеков). [*Динар*].. *жана энеге таарынып жыңайлак чыккан* (Сыдыкбеков).

ЖЫҢАЙЛАКТАН *этиш.* Жыңайлак болуу, бут кийимин чечинүү.

ЖЫҢАЙЛАКТАНТ жыңайлактан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫҢАЙЛАКТАНУУ жыңайлактан этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫҢАЛАЧ жылаңач менен бирдей.

ЖЫҢАЛБАШ *сын.* Башында баш кийими жок, баш кийимсиз. *Көйнөгү жок жылаңач, Топусу жок жыңалбаш* («Эр Табылды»).

ЖЫҢАЛБАШТАН *этиш.* Баш кийимин алуу, баш кийимсиз болуу.

ЖЫҢАЛБАШТАНТ жыңалбаштан этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫҢАЛБАШТАНУУ жыңалбаштан этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫПАР *зат.* 1. Аңкыган жакшы жыттуу зат.

2. Жакшы жыт. *Ала-Тоо кандай сонун жер, Жыбыттан согот жыпар жел* (Турусбеков). *Жалбыздын жыты буруксуп, Жаныңа жыпар чачкандай* (Бөкөнбаев). *Чаалыккандың чарчатпас Жыпар жыт бар желинде* (Осмонкул).

ЖЫПАРДУУ *сын.* Жыпар жыттуу, жыты жакшы. *Жыттасам моокум кандырат, Жыпардуу бүрүн ачканда* (Тоголок Молдо).

ЖЫПЫЛДА *этиш.* Ичи-коюнга кирип шыпылдоо, кишини өзүнө тартуу, жагынуу аракетин кылуу. *Чечен ого бетер жыпылдап, Улакты колдон алды* (Бейшеналиев). — *Агай, — деди* [*Абаз*] *жыпылдай сүйлөп* (Таштемиров).

ЖЫПЫЛДАТ жыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫПЫЛДОО жыпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫР *этиш.* Жырык кылуу, жырык чыгаруу. *Суу жырып кеткен эки кемер. Арыкты жырып жиберип, сууну тескери бурду* («Ала-Тоо»).

ЖЫРА *зат.* Кокту, коо, суу жеп кеткен жылга. *Айылдан төмөнкү жырадан кездештик* (Аалы). *Жырадан чыкса жайылып, Көңүлүң төөт кийиктен* (Аалы).

ЖЫРАҚА *зат.* Аң, жылга. *Карыя бир аз бастырып, кыян жеген кумдуу жыраканы көрсөттү* («Ала-Тоо»).

ЖЫРГА *этиш.* Турмуштун үзүрүн көрүү, жыргалга батуу, ыракаттануу. *Кары-жашы билинбейт, Жырегаган элди карачы!* (Токтогул). *Аз күнчүлүк өмүрдө Жыргасаң боло, Алымкан* ((Токтогул). *Эмгектерин гүлдөтүп Жыргап жаткан биздин эл* (Калык).

ЖЫРГАЛ *зат.* Жыргаган сонун турмуш, ыракат, жетишкендик, кеңчилик. *Ким көргөн мындай жыргалды, Жырегалдын ыры ырдалды* (Убукеев). *Жүрөктөн кетип муң-кайгы, Гүл ачып жаштар жыргалды.. «Ырыстуу өмүр кургун» деп, Партия берди жыргалды* (Байтемиров).

ЖЫРГАЛДУУ *сын.* Жыргалга баткан, жыргалчылык болгон, телегейи тегиз. *Жалындуу жаштар жеттиңер, Жыргалдуу күндүн кенине* (Токтогул). [*Каныбек*].. *жыргалдуу замандын дарбазасын биз менен бирге ачыша турган адам!* (Жантөшев). *Бул бир жыргалдуу күн болду.*

ЖЫРГАЛЧЫЛЫК *зат.* Жыргал шартта болгондук, тынчылык, кайгы-капа жок, телегейи тегиз турмуш. *Элдин жыргалчылыгы үчүн күрөшүү. Жыргалчылык доор. Бардык материалдык жыргалчылыкты түзүп жаткандар ушул карапайым колхозчулар* («Ала-Тоо»).

ЖЫРГАТ жырга этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫРГОО жырга этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫРТ *этиш.* Жыртык чыгаруу, айыруу, тытуу, жыртылган абалга келтирүү. *Шамбет колундагы күрөктү жерге батыра сайды да, конвертти жыртты* (Сыдыкбеков). *Эскирттим, далай-далай көйнөк жырттым, Жаңырды улам кайра сенин сыртың* (Осмонов).

ЖЫРТАЙ *этиш.* Көздүн эттери көрүнүп, жаш агып туруу. *Жыртайган суз көзү менен бир далайга мени карап олтурду* (Аалы). *Упузун уюлушкан ак кашы жыртайган эки көзүн жаап калчудай болуп турат* (Жантөшев).

ЖЫРТАЙТ жыртай этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫРТАК *сын.* Жыртайган, көзүнөн жаш аккан. *Көзү жыртак сары киши* (Жантөшев). *Кандайдыр бир жыртак кемпир бышактап ыйлап жиберди* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЫРТАКТА *этиш.* 1. Жыртаю, көздөрү жыртак көрүнүштө болуу.

2. Көзүн жыртайтып, жөнү жок эле күлө берүү.

ЖЫРТАНДА жыртакта менен бирдей.

ЖЫРТҚЫЧ *зат.* 1. Өзүнүн алы жеткен жаныбарларга кол салуучу, алардын эти менен азыктануучу жаныбар, куш. *Жыртқычка бир тай алдырбай, Өрүшү жакшы багылган* (Осмонкул). *Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жыртқыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов).

2. *өт.* Адамга, элге баскынчылык, ырайымсыздык мамиле кылган зулум, душман.
Айбандан жырткыч фашисттер Айлыма булук салмакпы (Бөкөнбаев).

ЖЫРТҚЫЧТЫК *зат.* 1. Башка айбандарга кол салып тамактануучулук, жырткыч айбандарга тиешелүү сапат.

2. Зордук-зомбулук жолу менен башка элге көрсөтүлгөн талоончулук, ырайымсыздык.

ЖЫРТУУ жырт этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫРТЫК *зат.* 1. Жыртылып, жырылып ачык болуп калган жер, тешик. *Үйдүн жыртыгы. Сөзү сук адамдар Шамал кирген жыртыктай.*

2. Жыртылган, жыртылып тамтыгы чыккан, эскирген. *Жыртык көйнөк. Жыртык тон. Жыртык боз үй.*

ЖЫРТЫЛ жырт этишинин туюк мамилеси.

ЖЫРТЫШ I *зат. эс.* Кары киши өлгөндө аялдарга берилүүчү кездеменин айрыгы.

ЖЫРТЫШ II жырт этишинин кош мамилеси.

ЖЫРЫК *зат.* 1. Бир нерсенин жырылган жери, тилиги. *Ийненин жырыгы.*

2. Жырылган, бүтүн эмес. *Нуркасымдын.. колунда мурду жырык кара чөвгүн* (Баялинов).

ЖЫРУУ жыр этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫРЫЛ жыр этишинин туюк мамилеси.

ЖЫТ *зат.* Жыт алуу сезимине нерсенин, заттын таасир этүүчү, ошол сезим аркылуу байкалуучу касиети. *Атыр жыт. Гүлдүн жыты. Сасык жыт.*

ЖЫТТА *'этиш.* 1. Мурун аркылуу демди ичке тартып, бир нерсенин жытын алуу. *Гүлдү жыттап кармап турдуң кичине, Ойлодуң да, салдың китеп ичине* (Нуркамал). *Жыттасам моокум кандырат, Жыпардуу бүрүн ачканда* (Тоголок Молдо).

2. Өөп, жытын алып эркелетүү. *Саамайымдан сылап, жыттап кагылат, «Өтпөсүн» деп ысык күндүн аптабы* (Осмонкул). *Курсагы менен күлкүсү, Баланын жоктур санаасы, Ата-энеси жыттаса, Анык чыгат капасы* (Токтогул).

◆ **Көчүгү жер жыттабоо** — бир жерге тынч алып отурбоо, жаны тынбоо. *Чаргын.. көчүгү жер жыттабай, өндүрүштө демилгелей берет* (Сыдыкбеков).

ЖЫТТАН жытта этишинин өздүк мамилеси.

ЖЫТТАТ жытта этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЫТТОО жытта этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫТТУУ *сын.* Жыты бар, жыттанган; жыты жакшы. *Алма жыттуу. Атыр жыттуу. Жыттуу самын. Жыттуу чөптөр.*

ЖЫТЧЫЛ *сын.* Жытты жакшы сезгич, ытж алгыч. *Тоо эчкилер өтө жытчыл болот. Жытчыл машке. Жытчыл тайган.*

ЖЫТЫГУУ жытык этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫТЫК *этиш.* Үйрөнүп, көнүп калуу. *Жытыккан менчик үйлөрүн сагынып калышкандай институттун ичин тайманбай аралашат* (Бейшеналиев). *Ополдойдон көчкөндө, Келип кондуң жериңе Жытыгып калган башынан Жылас болгон көрүнө* (Тоголок Молдо).

ЖЫШ I *сын.* Калың, коюу, бири-бирине жакын, тыгыз; көп. *Бак-даракты үйүнүн айланасына жыш тигип таштаган* (Каралаев). *Өзөн-өзөн аккан суулар, аны бойлоп өскөн кайың менен тал жыш экен* (Каралаев). *Жыш учурай турган фактылар.*

ЖЫШ II жышы менен бирдей. [*Кычан*].. *тайманбастан, мойнун, бетин, кулактарын* [*кар менен*] *жыша баштады* (Байтемиров).

ЖЫШУУ жышы этишинин кыймыл атоочу.

ЖЫШААН жышана менен бирдей. *Эгиздин көбөйүшү жакшы жышаан* (Убукеев). *Үкөйдөн эч кандай коркунучтун да, өкүнүчтүн да жышааны сезилген жок* (Аалы).

ЖЫШАНА *зат.* Белги, жөрөлгө. *Жаздын жышаны келди. А-ай, деги бул шумдук, же жакшылыктын, же жамандыктын жышанасы* («Советтик Кыргызстан»).

ЖЫШАНАЛУУ *сын.* Жакшылыктын белгиси бар, жакшы жышана менен, жакшыга үмүткөр кылган (адам жөнүндө). *— Жамал балам! Абдан жышаналуу келин экенсиң* (Жантөшев). *Жышаналуу бала.*

ЖЫШЫ *этиш.* Бир нерсени ышкуу, сүрүү. *Самоорду кум менен жышы. Аркамды жышып бер.*

ЖЫШЫЛ 1. жышы этишинин туюк мамилеси.

2. Өңүнөн азуу, арыктоо, этинен түшүү. [*Жийдегүлдүн*].. *көзү мурункудай эле мөлтүрөп, бети бир аз жышылып калган* (Сасыкбаев).

ЖЫШЫН жышы этишинин өздүк мамилеси.

ЖЭЭ *сырд.* Бирөөнү тыюу, токтотуу иретинде «жетет», «жетишет» деген мааниде айтылат. *Жээ, кечке эле безелене бересиңби? Жээ эми, жетишет, бир ачууңду мага бер.*

ЖЭЭК I *зат.* 1. Бир нерсенин (мис., суунун, көлдүн, жолдун ж. б.) кырка чети, бою; чет жаккы бөлүгү. *Көлдүн жээги. Жолдун жээги. Шырдактын жээги. Калпактын жээги.*

2. Бир нерсенин кырка чети жана четине кармалган, бастырылган узун тилке нерсе. *Жээктери жыртылып эскирген конверттти берип, Люба: — Шашып жазган, — деди* (Сыдыкбеков). *Жээк басуу.*

◆ **Жээги жок** — адепсиз, тайманбаган, тартынбаган. *Оозуна алы жетпеген жээги жок катындардын Гүлайым жөнүндө сөзү көбөйө берди* (Абдукаримов). **Таң жээк салды** — таң ата баштады, таң шооласы билине баштады.

ЖЭЭК II *сын.* Чүпүрөктү же кийимкечени чайнап, жеп жибере турган (уйга карата). *Жээк уй. Жээк музоо.*

ЖЭЭКТЕ *этиш.* 1. Жээк бойлоп жүрүү, жээк менен өтүү. *Акман баштап карылар эгинди жээктей басышат* (Сыдыкбеков). *Суусарлары сеңселип, Суу жээктеп бойлошкон* (Осмонкул).

2. Бир нерсенин четине жээк бастыруу, жээк кармоо. *Жээктеп манат карматып, Ак кийиз басып кылдатып* («Манас»).

ЖЭЭКТЕТ жээкте этишинин аркылуу мамилеси.

ЖЭЭКТӨӨ жээкте этишинин кыймыл атоочу.

ЖЭЭКТҮҮ *сын.* 1. Жээги бар.

2. Жээк салып тигилген.

ЖЭЭН *зат.* Кыздын балдары (кыздын төркүндөрүнө карата). *Бул бала менин жээним* (Жантөшев). *Бул ишти сен гана орундайсың, жээн* (Аалы).

◆ **Жээн аяк** — тойдо, ар кандай таңтамашада жээн үчүн өзүнчө бериле турган тамак, энчи.

ЖЭЭРДЕ *сын.* Жылкынын саргыч кызыл түсү. *Жээрде ат. Жээрде байтал.*

ЖЮРИ *зат.* Көргөзмөлөрдө, конкурстарда ж. б. берилүүчү сыйлыктарды белгилөө, ыйгаруу маселесин чечүүчү адистер тобу. *Жюринин чечими.*

З

ЗААДА I *зат.* Тегин, тукумун, ким экендигин көрсөтүүчү, белгилөөчү сөз. *Калың чандын ичинде, Кан заада эмне турат дейт* («Эр Табылды»). *Ал Кенжеке деген кыз, Пери заада жан деди* («Эр Төштүк»).

ЗААДА II: жүрөк заада болуу — жүрөксүнүү, заарканууу. *Ал жагын айтып жүрөк заада болбой эле кой* (Сасыкбаев).

ЗААР I *зат.* 1. Уу. *Жылан чакты, Заарын чачты, уулантты* (Үмөталиев). *Жыландын тышы жумшак болсо дагы ичи заар* (макал).

2. Көбүнчө биттелбеген текеден же хончордон күүлөгөн учурда чыгуучу коңурсуган жаман жыт.

3. *өт.* Каар, ачуу. *Тили ачуу, кеби заар, Тилегиң каткыр, кандай жан* («Эр Төштүк»). *Бетке айткан сөздүн заары жок* (макал).

ЗААР II: таң заар — таң ата, эртең менен эрте, саар. *Таң заарынан туруп, аттануучу уулунун кем-карчына киришти* (Бейшеналиев).

ЗААР III: орто заар — эки ортодо, олку-солку, ишенимдүү эмес, ачык эмес. *Билерман чоңдор орто заар болуп күнөм санашат* (Бектенов).

ЗААРА *зат.* Денеден бөйрөк аркылуу бөлүнүп чыгуучу керексиз суюк зат, сийдик. *Зааранын түсүнүн өзгөрүшү — табарсык оорусунун алгачкы белгилери болуп саналат.* («Ден соолук»).

ЗААРДАТУУ *сын.* 1. Уулуу. *Заардуу кара чаар жылан үйдүн ичинен өзүн аңдып тургандай сезилди* (Жантөшев).

2. *өт.* Каардуу, ачуулуу. *Чаргындын артынан айтылган ушактын эң заардуусу ушул* (Сыдыкбеков). *Казанчы ошондон бери заардуу сөздөрүн да, ичиндеги бугун да талаада чыгара турган болду* (Аалы).

ЗААРКАН *этиш.* 1. Дити барбоо, бүткөн бою дүркүрөп тартынуу. *Бир кедей басып бара-жатып башын салды, Далайга оозу барбай заарканды* (Маликов). *Душмандын кылыгына заарканып, зээни кейиди* (Сыдыкбеков).

2. Каарданууу, ачууланууу. *Үйдөн унчукпай байбиченин үнү зааркана чыкты* (Сыдыкбеков).

ЗААРКАНТ зааркан этишинин аркылуу мамилеси.

ЗААРКАНУУ зааркан этишинин кыймыл атоочу.

ЗАБАСТОВКА *зат.* Өздөрүнүн саясий жана экономикалык талаптарын орундатуу максатында капиталисттик өлкөлөрдө жумушчулардын уюшулган түрдө массалык иш таштоосу, кызматка чыкпай коюшу, стачка.

ЗАБОЙ *зат.* Кен казылып жаткан жайда, шахтада кен уратылып жаткан жер. *Забойдун стволго чейин көмүр ташуу жумушуна алдуу-күчтүү шахтерлордон гана коюу керек* (Сасыкбаев).

ЗАБОЙЧУ забойщик менен бирдей.

ЗАБОЙЩИК *зат.* Забойдо кен казуучу адам. *Ал забойщик—кажыбас, Ал—эмгектин балбаны* (Бөкөнбаев).

ЗАБЫН *туурасы:* **зобун.**

ЗАБЫР *зат.* Жапа, запкы, азап, жабыр. *Биздин бабалар.. жырткыч айбандардан забыр тартып калышчу* (Сыдыкбеков). *Бектурга келгенден турмуштан забыр көргөнү жок* (Сыдыкбеков).

ЗАБЫРКА *этиш.* Жабыркоо, запкы көрүү, забыр тартуу. *Бир нерсе ойлоп өз ичинен забыркайт* (Үмөталиев).

ЗАБЫРКАТ забырка этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАБЫРКОО забырка этишинин кыймыл атоочу.

ЗАВОД *зат.* 1. Өнөр жай ишканасы, ошондой эле промыслолук ири ишкана. *Металлургиялык завод. Кант заводу. Кирпич заводу. Тери заводу.*

2. Асыл тукум жылкыларды өстүрүүчү ишкана. Жылкы заводу. *Береги көз кайкып жаткан — жылкы заводунун беделдери* (Байтемиров).

ЗАВУЧ *зат. сүйл.* Мектепте, окуу жайында ж. б. окуу бөлүмүнүн башчысы. *Султангазиев Киров атындагы орто мектепте завуч болуп иштейт* («Мугалимдерге жардам»).

ЗАВХОЗ *зат. сүйл.* Ишкананын, мекеменин, уюмдун ж. б. чарба иштерин башкаруучусу, чарба башчысы. *Бул адам— биздин институттун завхозу* (Бейшеналиев).

ЗАГАРА *зат.* Жүгөрү уну, жүгөрү унунун аралашмасы жана жүгөрүнүн унунан жасалган нан. *Жумушчу колундагы загара нандын сыныгын тиштей коюп колдуроодо* (Сасыкбаев).

ЗАГОВОР *зат.* Бийликке же бирөөгө каршы бир нече адамдын өз ара жашырын сөз бекитип алышы.

ЗАГОВОРЧУ заговорщик менен бирдей.

ЗАГОВОРЩИК *зат.* Заговорго катышуучу.

ЗАГС *зат.* Аткаруу комитетинин алдындагы баланын туулгандыгын, өлүмдү, үйлөнүүнү, ажырашууну, бала кылып багып алууну каттоочу бөлүмү. *Сүйгөндү өзүм сүйдүм деп, ЗАГСтан кагаз алыштым* (Тоголок Молдо).

ЗАГЫР *зат. диал.* Жетим. *Билсең, бул загыр сенин жападан-жалгыз медериң эле го* (Касымбеков).

ЗАГЫРА загара менен бирдей.

ЗАЁМ *зат.* Финансы операциясында: белгилүү бир шартта кайра кайтарып бере турган кылып акча карыз алуу.

◆ **Мамлекеттик заём** — кредиттин негизинде акча каражаттарын мамлекеттик бюджетке тартуунун бир формасы.

ЗАЖИГАЛКА *зат.* От тутандыруу, папирос күйгүзүү ж. б. үчүн колдонулуучу, чөнтөккө салып жүрүүчү прибор. *Бугимов махорканы кагазга орой, зажигалка чагып күйгүздү* (Сасыкбаев).

ЗАЙПАНА *сын.* Каруусуз, кыймыл-аракети бош, аял сыяктуу. *Эшкул болсо зайпана кокуй күн* (Бейшеналиев).

ЗАЙЫП *зат.* Аял, жубай. *Айчүрөк баштап өң зайып Жаңжалдашып турушту* («Сейтек»). *Алган зайбы Чачыке Эркек бала төрөдү* («Олжобай менен Кишимжан»).

ЗАКАЗ *зат.* Иштөө, аткаруу үчүн тапшырылган иш, тапшырма.

ЗАКАЗНОЙ *сын.* Кошумча акы төлөнүп, жеткирүү жооптуулугу күчөтүлгөн (кат, бандероль жөнүндө).

ЗАКАЗЧИК *зат.* Заказ берүүчү; заказ кылуучу.

ЗАКОН *зат.* 1. Мамлекеттик бийликтин жогорку органы тарабынан бекитилген жалпыга милдеттүү жобо, ереже, токтом.

2. Объективдүү түрдө бар болгон кубулуштардын ортосундагы зарыл байланыш.

3. Кандайдыр бир иштеги анын негизги маанисин көрсөткөн ережелер.

ЗАКОНДУУ *сын.* Законго ылайык.

ЗАКОНСУЗ *сын.* Законго ылайык келбеген, законго (1-маанисинде) каршы.

ЗАКОНСУЗДУК *зат.* Законго ылайык келбегендик, законго туура эместик, законду (1-маанисинде) бузгандык.

ЗАКОНЧУ *зат.* 1. *сүйл.* Закондорду жакшы билген адам.

2. *сүйл.* Обу жок эле законду ала сүйлөгөн, ыгы жок эле законго таянымыш болгон адам.

ЗАКУСКА *зат.* Жеңил тамак, даам; ичкилик ичкенде (арак, вино ж. б.) аздан гана жеп шилти кыла турган жеңил тамак.

ЗАКЫМ *зат.* Көзгө байкала тургандай болуп леп-леп соккон абанын толкуну, агымы. *Жаз айы, аба закым ысып турду* (Аалы). *Чүйдө закым мунарыктап, күн кайнап турган кез болучу* (Сыдыкбеков).

ЗАКЫМДА *этиш.* 1. Закым жүрүү, закым болуп көрүнүү. *Отуз беш-кырк километр алыстыктагы райондун борбору тиги мунарыктап, закымдап булбулдөгөн болот* (Таштемиров).

2. Элес-булас байкала, агыла тез жүрүү. *Тизгинин жыя тартпаса, учкан куштай закымдап* («Манас»).

ЗАКЫМДАН закымда этишинин өздүк мамилеси.

ЗАКЫМДАТ закымда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАКЫМДОО закымда этишинин кыймыл атоочу.

ЗАЛ *зат.* Көп киши үчүн арналган чоң бөлмө. *Залдарынын көбүн айт, Бардыгы кең, заңгырайт* (Үмөталиев).

ЗАЛАКА салака менен бирдей.

ЗАЛАКТА салакта менен бирдей.

ЗАЛАЛ *зат.* Зыян. *Каарына алса кокустан, Тийбесин бизге залалы* (Жантөшев). *Залим падыша манаптын, Момунга тийди залалы* (Токтогул).

ЗАЛАЛДУУ *сын.* Зыяндуу.

ЗАЛАЛСЫЗ *сын.* Зыянсыз.

ЗАЛДАР салдар менен бирдей.

ЗАЛИМ *сын.* Кысым көрсөтүүчү, эзүүчү, зулум; таш боор, ырайымсыз, кара ниет. *Кара боор залимден, Кантип алам кегимди* (Токтогул). *Манаптын түбү залим, Баарыңарга маалым* (Тоголок Молдо). *Момунду мээнет чырмаса, Залим менен дос болот* (Токтогул).

ЗАЛИМДИК *зат.* Кысым көрсөтүүчүлүк, эзүүчүлүк, зулумдук, таш боордук, ырайымсыздык, кара ниеттик. *Кээ бир адам өзү адил, сөзү калыс, Жолунан залимдиктин болгон алыс* (Тоголок Молдо).

ЗАЛКАЙ *этиш.* Залкар көрүнүү, чоң көрүнүү; абдан толуу. *Аккула минген аркайып, Айкыра сүйлөп залкайып* (Маликов).

ЗАЛКАР *сын.* Өтө зор, абдан чоң, көлөмдүү; абдан толуп турган.

ЗАЛОГ *зат.* Күрөөгө, салымга коюлган нерсе, буюм, зат. *Акчасын төлөп, залогдон алуу. Залог калтыруу.*

ЗАЛЫМ *туурасы:* **залим.**

ЗАМАЗКА *зат.* Терезенин жылчыктарын бүтөө үчүн колдонула турган жабышкак зат.

ЗАМАСКАЛА *этиш.* Замаска коюу, замаска менен бүтөө.

ЗАМАСКАЛАТ замаскала этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАМАСКАЛОО замаскала этишинин кыймыл атоочу.

ЗАМАН *зат.* Доор, мезгил, жашоонун, өмүр сүрүүнүн белгилүү бир убагы. *Адилеттик кылбаган Падышанын заманы* (Тоголок Молдо). *Биздин заман береке, Бар керегиң табылат* (Осмонкул).

◆ **Акыр заман** *к.* **акыр II.**

ЗАМАНА заман менен бирдей.

◆ **Заманасы куурулуу** — айласы кетүү, аргасыз абалда, кыйынчылыкта калуу. *Чоң эненин заманасы куурула түштү. Заманасы куурулуп, кыргыз көптү көргөн эл* (Сыдыкбеков).

ЗАМАНДАШ *зат.* Бир заманда, бир мезгилде жашаган адамдар, курдаш. *Замандашым дайым эңсеп Алга айкын карагын* (Аалы).

ЗАМАТ *такт.* Кандайдыр бир окуя, иш, аракет ж. б. болору менен, бир аз убакыт, өтө эле аз убакыт, ошол учурда. *Окуудан тарап замат, чуркаган бойдон пахта талаасына келди* (Байтемиров).

◆ **Бир заматтын ичинде** — бир заматта, ары-бери, тез эле.

ЗАМАТТА *такт.* Тез аранын ичинде, өтө тез, ары-бери, дароо. *Абылкасым заматта кийине коюп.. эшикке чыкты* (Байтемиров).

ЗАМБЕРЕК *туурасы:* **замбирек.**

ЗАМБЫЛ *зат.* Топурак, ылай ж. б. ташуу үчүн көбүнчө талдан токулган көтөргүч, сандал. *Биздин мектепти курушканда ушул Мерген беш замбил ылай көтөрүшүп мончого түшкөндөй тердеген эле* (Сыдыкбеков).

ЗАМБИРЕК *зат.* Ири калибрдүү окторду, снарядларды атуучу артиллериялык курал, ар түрдүү артиллериялык куралдардын жалпы аты. *Тоону карай күрсүлдөп замбирек атыла баштады* (Элебаев). *Асманга атуучу замбирек. Танкыга каршы колдонулуучу замбирек.*

ЗАМБИРЕКЧИ *зат.* Замбирек атуучу замбиректи тейлөөчү артиллерист. *Эр танкист, замбиректи, пулеметчу, Ата бер кастанканды, аяба окту* (Үмөталиев).

ЗАМЗАМ *зат.* 1. Диний түшүнүк боюнча: ыйык, касиеттүү деп эсептелген Мекенин булагынын суусу. *Өлүгүн көрүп жасыдын, Замзам менен жуубадык* («Сейтек»).

2. *өт. сүйл.* Жыргата турган суу, тонун, шекер, суу, арак-шарап.

ЗАМПА *зат. диал.* Жампа.

ЗАҢ I *зат.* 1. Адат, каада, үрп-адат, салт. *Жашыруп жакындардын айыптарын, Жүргүзүп эзелки заң адаттарын* (Элебаев).

2. *эс.* Закон. *Бул иштердин натыйжасын, боолголоп отурсаң, Көз алдыңа басып чыгат тарыхтагы болгон заң* (Турусбеков).

ЗАҢ II *зат.* Ичтен бөлүнүп чыккан керексиз зат, кык. *Бир маалда аттар туруучу жайдан жылкынын заңы, беденин жыты буркурады* (Сасыкбаев).

ЗАҢГАР *сын.* Эбегейсиз чоң, абдан бийик. *Олуя чал карады, Кайдан чыккан заңгар деп* («Манас»).

ЗАҢГЕЛ *зат.* Абдан бийик аска, көк тиреген аска-зоо. *Илгери ушундай бийик заңгелден.. салт атчан өтө албай, сөвгу сөпөт болбодубу* («Жаш ленинчи»).

ЗАҢГЫРА *этиш.* 1. Заңкайып, кең көрүнүү, ичи абдан кең көрүнүштө болуу. *Залдарынын көбүн айтпа. Бардыгы кең заңгырайт* (Үмөталиев). *Заңгырап бийик-бийик катар үйлөр Келгин деп жаш муунга эшик ачты* (Осмонов).

2. Жаңырган катуу дабыш чыгуу. *Заңгыраган үн кимдики?* (Аалы). *Атылаттынбай замбирек, Жер жаңыртып заңгырап* (Үмөталиев).

ЗАҢК: заңк этүү — мылтык атылгандагыдай же кандайдыр бир металлга урулгандай ачык, даана, бийик дабыш чыгууну чыгуу. *Тартып ийди Табылды Баранды үнү заңк этип* («Эр Табылды»). *Мылтык аткан немедей, Тоо жаңырып заңк эткен* («Манас»). *Мамбеттин үнү заңк этип бийик чыкты* (Сыдыкбеков).

ЗАҢКАЙ *этиш.* Абдан бийик жана чоң көрүнүү. *Ала-Тоонун төбөсү Асманга жетип заңкайып* (Осмонкул).

ЗАҢКАЙГ заңкай этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАҢКАЮУ заңкай этишинин кыймыл атоочу.

ЗАҢКЫЙ заңкай менен бирдей.

ЗАҢКЫЛДА *этиш.* Катуу, бийик үн, дабыш чыгаруу. *Күндүк жерге угулат, Гудоктун үнү заңкылдап* (Осмонкул). *Үнү бийик заңкылдап, Тили булбул шаңкылдап* (Токтогул).

ЗАҢКЫЛДАТ заңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАҢКЫЛДОО заңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗАҢЫЛДА заңкылда менен бирдей.

ЗАПАС *зат.* 1. Кийин пайдаланууга, колдонууга, жумшоого камдалып, белендеп коюлган нерсе, азык-түлүк ж. б. *Кыргызстандын түштүгүндө нефтинин зор запастары бар* («Коммунист»). *Дан запасы.*

2. Согуш болуп калган учурда аскер кызматын аткаруу үчүн жарактуу аскер учётунда турууучу граждандардын категориясы.

ЗАПАСТА *этиш.* Запас кылуу, бир нерсени күн мурунтан камдап, белендеп коюу.

ЗАПАСТАТ запаста этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАПАСТОО запаста этишинин кыймыл атоочу.

ЗАПКЫ *зат.* Кордук, азап, жапа. *Ошол ачуу запкыны канча эскерсем, ошончо кайратым курчуйт* (Сыдыкбеков). *Көп ачыш турмуш белин көрдүм запкы* (Бөкөнбаев).

ЗАПОВЕДНИК *зат.* Жок кылууга жаңчылык кылууга тыюу салынып, көбүнчө сейрек учуроочу айбандарды же өсүмдүктөрдү өстүрө турган жер, корук.

ЗАР I зер 1 менен бирдей.

ЗАР II *зат.* 1. Муң, кайгы, ичтеги арызарман. *Жакшыңар калыс болсоңор, Жардынын зарын угуңар* (Осмонкул).

2. Зарыл, муктаж. *Жүрөктүн оту барында, Билектин күчү туранда, Мен эч кимге зар эмес* (Аалы).

◆ **Зар ыйлоо же зар какшоо** — 1) боздоо, какшап ыйлоо; 2) абдан зарылдыгын билдирүү, абдан муктаж болуу.

ЗАРДА I зарде менен бирдей.

ЗАРДА II зарла менен бирдей.

ЗАРДАЛ *зат.* Начальник; башчы. *Баарысынын баатыры Эр Коңурбай зардал бар* («Манас»).

ЗАРДАП *зат.* Азаптуу кесепет, ачуу, заар, кесепеттүү натыйжа. *Жүрөгүмө жык толду, Жыйылып эски зардабым* (Калык). [*Батма*].. *акырында жумуштун зардабынан оорулуу болуп, былтыр өлдү* (Баялинов).

ЗАРЕ *зат.* Үрөй.

◆ **Зареси учуу** — үрөйлөнүү, үрөйү учуу, коркуп кетүү.

ЗАРДЕ *зат.* 1. Кайрат, күбат. *Келечектеги улуу акын жүрөгүндөгү зардесин, кайнап турган ышкысын жашырган жок* (Бөкөнбаев).

2. Зарна, сарна.

ЗАРДУУ *сын.* Муңдуу, кайгылуу, кайгы-зары бар. *Азап тартып жашымдан, Зардуу болгон жүрөгүм* (Бөкөнбаев).

ЗАРКЫРА *этиш.* 1. Зырылдап тез жүрүү. *Күчтүү күлүк ат араба Алга карай заркырайт* (Аалы).

2. Катуу үн чыгаруу, даркыроо. *Заркыра чоорум, заркыра, Дабышым чыксын татына* (Аалы).

ЗАРКЫРАТ заркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАРКЫРОО заркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЗАРЛА *этиш.* Кайгыруу, капаланууу, зарын айтуу. *Зарлап жүргөн зарымды, Билет бекен тигил бос* (Тоголок Молдо). *Отун терип, уй багып, Аскалуу тоодо зарладым* (Шамшиев).

ЗАРЛАН зарла этишинин өздүк мамилеси.

ЗАРЛАТ зарла этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАРЛОО зарла этишинин кыймыл атоочу.

ЗАРЛУУ зардуу менен бирдей.

ЗАРНА *зат.* Кычкылданууунун көбөйүп кетүүсүнөн кызыл өңгечтү, көкүрөктү кыжылдатып, ачыштыргандай сезим.

ЗАРП I *зат.* Кандайдыр бир нерсенин айынан, натыйжасынан келип чыккан кесепет, кесепеттүү натыйжа. *Кедейликтин зарпынан Улардай тоодо тентидик* (Осмонкул). *Кузгундардын зарпынан Айдалып кеттим калкыман* (Токтогул).

ЗАРП II *к.* **сарп.**

ЗАРУРАТ *зат.* Зарыл, абдан зарыл, абдан муктаж. *Садагаң Нуржамал, ушунчалык зарурат ишим болгондуктан сага шашып келдим* (Жантөшев).

ЗАРЫГУУ зарык этишинин кыймыл атоочу.

ЗАРЫК *этиш.* Абдан узак күтүү, зарылып көпкө күтүү. *Зарыккан элдин багына Ленинди жаратты* (Токтогул). *Күйүт тартып жатамын, Күнү-түнү зарыгып* (Токтогул).

ЗАРЫКТЫР зарык этишинин аркылуу мамилеси.

ЗАРЫЛ I *сын.* Өтө керек, эң эле керек. *Абышка шашылат өтө зарыл иши бардай* (Уметалиев).

ЗАРЫЛ II *этиш.* Зарыгуу, саргайып күтүү; муктаж болуу. *Түн терметип уктабай, Түйшүгүң тартып зарылган* (Бөкөнбаев). *Карындашың Кардыгач Карааныңа зарылды* («Эр Табылды»).

ЗАРЫЛДА заркыра менен бирдей.

ЗАРЫЛДЫК *зат.* Абдан керектик, муктаждык. *Башка фермаларга ушул аралыкта Ормуштун барышынын зарылдыгы дөөлө жок болуучу* (Байтемиров).

ЗАРЫЛЧЫЛЫК зарылдык менен бирдей.

ЗАРЫП сарп менен бирдей.

ЗАРЯДКА *зат.* Денени чыныктыруу, чыйралтуу максатындагы дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн жыйындысы. *Жүкөштүн мурдакыдай эле көңүлү куунак, таң эртең менен зарядка ойнойт* (Абдумомунов).

ЗАСЕДАНИЕ *зат.* Кандайдыр бир уюмдун, коллективдин мүчөлөрүнүн кандайдыр бир маселелерди талкуулоо үчүн чогулган жыйыны, чогулушу. *Жогорку Советтин заседаниеси. Соттун заседаниеси.*

ЗАСЕДАТЕЛЬ *зат.* Эл соту тарабынан иштин каралышына, чечилишине катышуучу эмгекчилер тарабынан шайланган өкүл.

ЗАСТАВА *зат.* Мамлекеттик чек аранын белгилүү бир участогун кайтарып туруучу аскер бөлүгү жана ушундай бөлүк орношкон жер. *Кармалган жарадарды эс алдырып, Заставада сурак кылды барып* (Үмөталиев).

ЗАТ *зат.* Жалпы эле нерсе, буюм; карман же көрүп билүүгө, сезүү органдары аркылуу туюп-билүүгө боло турган нерселердин жана алардын тегинин жалпысынан аталышы, жалпы жыйындысы.

◆ **Зат атооч** — *грам.* заттардын, буюмдардын, окуялардын, кубулуштардын аттарын билдирүүчү сөз түркүмү.

ЗАТВОР *зат.* Ар түрдүү машиналарда жана мылтык сыяктуу куралдарда каналды, көндөйдү жаап же ачып коё турган механизм.

ЗАЧЁТ *зат.* 1. Текшерип, сынап көрүүнүн негизинен жогорку жана атайын окуу жайларында болуучу бир түрү. *Окуучулар зачётко даярданышты.*

2. Ушундай сыноодон өткөндүгү жөнүндөгү белги, баа.

ЗАЧЁТТУК *сын.* Зачётко таандык, зачётко тийиштүү. *Зачёттук атуу. Зачёттук баа.*

ЗАЯ *такт.* Бекер, бошко, куру бекерге. *Абышкалардын тилегин зая кетирбе* (Сыдыкбеков). *Айтканы зая кетпесин* (Барпы).

ЗАЯВКА *зат.* Кандайдыр бир нерселерди талап кылган өтүнүч, официалдуу билдирүү. *Шаймандар алып жатышат, заявка жазып беришип* (Үмөталиев).

ЗАЯПКЕР *зат.* Күлүктөрдү таптай билген, күлүк таптоонун жайын жакшы билген адам.

ЗВЕНО *зат.* 1. Бир нерсенин, бир бүтүндүн составдык бөлүгү.

2. Кандайдыр бир бирикменин, уюмдун эң кичине бөлүгү, тобу. [*Зубайда*] *Шекердин звеносунда иштеди* (Убукеев).

ЗВЕНЬЕВОЙ *зат.* Звено башчысы. *Эпкиндүү деп Бурманы Звеньевой шайлаган* (Осмонкул).

ЗЕЙИН зээн менен бирдей.

ЗЕЙРЕК *сын.* Сезимдүү, зээндүү; сергек, чыйрак. *Анын [Ашырдын] түрү.. кайраттуу, зейрек эле* (Сасыкбаев).

ЗЕКЕТ *зат.* 1. Шарият боюнча жарды, карыптар үчүн деп, байлык-мүлкүнүн кырктан бир үлүшүнүн эсебинде жыйналуучу садага. кайыр. *Кузгундай болгон молдолор, Куркулдаган соргоктор, Зекет алса тойбойбу* (Токтогул). *Ар кимден алып зекетти, Бекер малды курадың* (Токтогул).

2. *тар.* Салык, налог.

ЗЕКИ *этиш.* Жекирүү, коркутуу, жемелөө. *Зекибе, сенден корко турган жерим жок* (Турусбеков).

ЗЕКҮҮ зеки этишинин кыймыл атоочу.

ЗЕҢГИ : зеңги баба *к.* **баба.**

ЗЕҢГИРЕ *этиш.* Талыкшуу, эңги-деңги болуу. *Эси ооп эндиреп, Акыл тайып зеңгиреп* («Манас»).

ЗЕҢГИРӨӨ зеңгире этишинин кыймыл атоочу.

ЗЕР I *зат.* Алтын. *Эр кадырын эл билет, зер кадырын зергер билет* (макал).

ЗЕР II *зат.* Жылкынын өркөчтөн кийинки бөлүгү; арка омурткаларынын аяккы бөлүгү, зээр. *Өркөчү бийик, зери бас.*

ЗЕР III заре менен бирдей.

ЗЕР IV сыйкыр менен бирдей.

ЗЕРГЕҢ сергек менен бирдей.

ЗЕРГЕР *зат.* Алтын кармаган уста. *Алтынды зергер эритет, Адамды өлгөн кемитет* (Тоголок Молдо).

ЗЕРГЕРЧИ зергер менен бирдей.

ЗЕРЕК *сын.* Зээндүү, сергек.

ЗЕРИГҮҮ зерик этишинин кыймыл атоочу.

ЗЕРИК *этиш.* Эригүү, зарыгуу, ич бышуу. *Эр Алмамбет эригип, Кашында Чубак зеригип* («Манас»). *Кызыкпа, балдар, бекерге, Сарагайып адам зеригет* (Токтогул). *Алым абдан зерикти* (Жантөшев).

ЗЕРИКТИР зерик этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЕРЧИ *зат.* Сыйкырчы.

ЗИКИР *зат.* 1. Жаный сабап кудайга, жалынып-жалбара чамынып күрсүлдөө, ушундай жол менен иштелген ырым-жырым. *Таң атканча уктатпай Тыңчымды алды зикириң* (Барпы). *Эшендин көөнү зикирде, Уурунун көөнү пикирде* (Токтогул).

2. Күрүлдөгөн, күүлдөгөн үн чыгаруу (мис., көгүчкөн). *Көгүчкөндүн эркеги зикир чалат* (Жантөшев). *Анда-санда зикир чалган бабыргандын үнү угулат* (Баялинов).

ЗИЛ *зат.* 1. Адамдын ичинен чыккан сары, ачуу суюктук; өтүшүп, күчөп кеткен оору. *Ат үстүнөн зил кусуп Эр Олжобай талды дейт* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. *өт.* Ачуу, ыза, каар.

ЗИЛДЕ *этиш.* Зил болуп кетүү, жараат күчөп кетүү. *Чечтирип, кайра дагы тазалабаса, зилдеп кетүүсү мүмкүн* (Бейшеналиев).

ЗИЛДЕН зилде этишинин өздүк мамилеси.

ЗИЛДЕТ зилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЗИЛДӨӨ зилде этишинин кыймыл атоочу.

ЗИЛДҮҮ *сын.* 1. Зили бар, зил баскан.

2. *өт.* Ачуулуу, кекээрлүү. *Зарлык да жаны күйгөн бойдон бир топ зилдүү сөздөр айтып жиберди* (Элебаев).

ЗИЛЗАЛА *зат.* Жер титирөө. *Жер жүзү токтобогон зилзаладай Дүшмандын коргондору жатты чаңдап* (Аалы).

ЗИЛЗИЛА *туурасы:* **зилзала.**

ЗИЛИ *зат.* Акыры, түбү. *Зили түбү оңобу, Акка кара саналса* («Мендирман»).

ЗИЛИНДЕ *такт.* Акыры, акырында, түбүндө. *Кайнатаңыз бул Көкдөө Сизге душман зилинде* («Эр Төштүк»).

ЗИРЕ *зат.* Жыттуу өсүмдүк жана анын уругу. *Зире кошулган жапма нандын ар бирин төрткө бөлдү* (Абдумомунов).

ЗИРВАК зире менен бирдей.

ЗИРИЛДЕ *этиш.* 1. Дир-дир этүү, дирдир этип агылгандай, катуу агып тургандай абалда болуу. *Кан зирилдеп Тоо-ташына тилдирип* (Бөкөнбаев). *Таң атардын муздак жели зирилдеп Таң саргарып атты эле* («Сейтек»).

2. Калч-калч этүү, зиркирөө, калчылдоо, калтыроо. *Ай акмак! — деп Адылдын Ачуусу келди зирилдеп* («Мендирман»).

3. *өт.* Абдан коркуу, качуу, жаа бою качуу, заарканууу. *Кедейди таппай кырк жигит, Кейишин тартып зирилдейт.* (Токтогул).

ЗИРИЛДЕТ зирилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЗИРИЛДӨӨ зирилде этишинин кыймыл атоочу.

ЗИРКИЛДЕ *этиш.* Абдан ачууланууу, буркан-шаркан түшүү, албууттануу; жактырбаган; ачуусу келген түр билдирүү. *Бугимов дагы зиркилдеди* (Сасыкбаев).

ЗИРКИЛДЕТ зиркилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЗИРКИЛДӨӨ зиркилде этишинин кыймыл атоочу.

ЗИРКИРЕ *этиш.* 1. Дирилдөө, дир-дир этүү, зирилдеп агылган абалда болуу. *Мурдунан кан зиркирейт.*

2. Зирилдеп, майда калчылдоо, калтыроо.

3. Титиреп коркуу, абдан коркуу; бүткөн бою дүркүрөө, заарканууу. *Зиркиреп барып Кадырбек отурду* (Жантөшев).

ЗИРКИРЕТ зиркире этишинин аркылуу мамилеси.

ЗИРКИРӨӨ зиркире этишинин кыймыл атоочу.

ЗНАЧОК *зат.* Кандайдыр бир уюмдун мүчөсү экендигин, сиңирген эмгегин белгилөө үчүн же кандайдыр бир окуяга байланыштуу ж. б. максаттарда берилүүчү кандайдыр бир сүрөттөрү бар, көбүнчө жука металлдан жасалган көкүрөккө тагылуучу белги. *Комсомолдук значок. Эл агартуу отличнигинин значогу. ГТО значогу.*

ЗОБОЛО *зат.* Кадыр, барк, атак, даража. *Эл четинде, жоо бетинде азаматтардын зоболосу көтөрүлгөй эле!* (Сасыкбаев).

ЗОБУН *зат.* Кордук, зордук, зомбулук.

ЗОМБУЛУК *зат.* Зордук, күчкө салуучулук. *Карусуз кишилерге зомбулук иштеген бай баласы, бек баласы...* (Сыдыкбеков).

ЗОМБУЧУЛУК зомбулук менен бирдей.

ЗОНА *зат. геогр.* Мүнөздүү жалпы белгилери бар белгилүү бир мейкиндик; белгилүү бир тилке, район.

ЗОНАЛЫК *сын.* Зонага таандык.

ЗОҢКОЙ *этиш.* Эби-сыны жок, колжоюп чоң көрүнүү, бою узун көрүнүү. *Ылдый карап басканда, Бышты өгүздөй зоңкойгон* (Осмонкул).

ЗОҢКОҢДО *этиш.* Эби-сыны жок колжоңдоп кыймылдоо.

ЗОҢКОҢДОО зоңкоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ЗОҢКУЛДА *этиш.* Угумсуз катуу үн чыгаруу, угумсуз катуу үн чыгарып ырдоо же ыйлоо. *Ошол кезде кимдир бирөөнүн зоңкулдап кыйкырган үнү чыкты* (Байтемиров). *Алардын ичинен бирөө зоңкулдап, Андрейди чакырды* (Байтемиров).

ЗОҢКУЛДОО зоңкулда этишинин кыймыл атоочу.

ЗОО *зат.* Бети тик бийик аска, жалама аска, зоока. *Зоолору тирелишип асман мележийт* (Убукеев). *Аркары зоодо оттогон Арпа деген жер ушул* (Маликов). *Тирешпесе көк менен, Зоонун көркү болобу?* (Бөкөнбаев).

ЗООК *зат.* Көңүл ачуу, оюн-тамаша. *Жыпар ошо күнү.. талаага зоок үчүн гана чыккан адамга окшобогон* (Каимов).

ЗООКА *зат.* Зоо. *Жылдыз менен аралашкан Зоокаларын карачы* (Маликов). *Зоокада сонун сур эчки, Үч жылдан бери туу эчки* («Эр Табылды»).

ЗООКАЛУУ *сын.* Зоокасы бар, зоосу бар. *Обон бирде казактын ай талаасындай көйкөлсө, бирде кыргыздын зоокалуу тоолорундай бийик заңгырайт* (Айтматов).

ЗООКЧУЛ *сын.* Оюн-тамашачыл, оюн-тамашаны, көңүл ачууну жакшы көргөн.

ЗООЛОГ *зат.* Зоология боюнча специалист.

ЗООЛОГИЯ *зат.* Айбанаттар жөнүндөгү илим.

ЗООЛОГИЯЛЫК *сын.* Зоологияга таандык. *Зоологиялык кабинет. Зоологиялык музей.*

ЗООЛУ *зат.* Колго салынчу кишен, кишиге салынчу кишен. *Колдо зоолу чынжырчан Шалдырттатып жер казгам* (Токтогул). *Кылчаярга дарман жок Мойнуна зоолу тагылып* (Аалы).

ЗООПАРК *зат.* Түрдүү жан-жаныбарлар туруучу жай, зоологиялык парк.

ЗООР *зат.* Орозо убагында таң атар алдында ичиле турган тамак. *Сопу элди зоорго ойгото баштады* (Жантөшев).

ЗООТ I. *сүйл.* **1. завод** менен бирдей.

2. Асыл тукум (мал жөнүндө). *Аппак үйлүү, зоот уйлуу, колу иштүү, малдуу, баштуу ошо мен Жеңекемди сагынам* (Маликов).

ЗООТ II *туурасы:* **соот.**

ЗООТЕХНИК *зат.* Мал чарбачылыгы жагынан специалист. *Зоотехник жигиттин бардык ою жылкыда* (Үмөталиев). *Базарбек институтту быйыл бүтүп, колхоздо зоотехник болуп иштеп жатат* (Каимов).

ЗООТЕХНИКА *зат.* Мал чарбасын өнүктүрүү жөнүндөгү илим.

ЗООТЕХНИКАЛЫК *сын.* Зоотехникага таандык. *Алынган төлдөр зоотехникалык эрежелердин негизинде чыгашасыз багылып жатат* («Ленинчил жаш»).

ЗОР *сын.* Чоң, абдан чоң. *Бир уядан учкандай, Бирдиги зор биздин күч* (Барпы). *Күчөй берсин Улам биздин зор мекен* (Үмөталиев).

ЗОРГО *такт.* Араң, араң-араң, эптепсептеп. *Калмураттын эриндери ачылар-ачылбас болуп зорго кыбырайт* (Абдукаримов). *Кемпир аны улам тиктеп жатып чын Сабира экенине зорго ишенген* (Сыдыкбеков).

◆ **Араңдан зорго** *к.* **араң.**

ЗОРДО *этиш.* **1.** Күчтөө, күч салуу, кыстоо, аргасыз кылуу. *Көрбөсө койсун, зордоп эмне кыласың?* (Байтемиров).

2. Күчкө салып басымчалоо. — *Кызымды боздотуп туруп зордогуча, мени атып салгыла!* [*деди Жакып*] (Абдукаримов).

ЗОРДОО зордо этишинин кыймыл атоочу.

ЗОРДУК *зат.* **1.** Зомбулук, күч көрсөтүүчүлүк, кысымчылык. *Көз көрүнөө залимдер Көрсөттү кылла зордукту* (Тоголок Молдо). *Зордукка мынча чыдадык, Дагы кайрат кылалык* (Турусбеков).

2. Күчкө салып басымчалоочулук.

ЗОРДУКТА *этиш.* Зордоо, күч көрсөтүү, зомбулук көрсөтүү. *Даңкты сатып ала албайт, зордуктап бербейт* (Аалы). *Эрменкандын ашында Байгени алган зордуктап* («Эр Табылды»).

ЗОРДУКТАТ зордукта этишинин аркылуу мамилеси.

ЗОРДУКТОО зордукта этишинин кыймыл атоочу.

ЗОРДУКЧУ *зат.* Зордоп күчкө салуучу, зордук менен тартып алуучу, зомбулук көрсөтүүчү. *Мендирмандай эрендер Зордукчуга көнөбү* («Мендирман»).

ЗОРДУКЧУЛ зордукчу менен бирдей.

ЗОРУГУУ зорук этишинин кыймыл атоочу.

ЗОРУК *этиш.* Тез жана тынымсыз чуркоонун, катуу жүрүүнүн натыйжасында абдан чарчап кыйналып күйүгүү (көбүнчө семиз жылкыга карата айтылат). *Зоруккан күлүк тырп этпей жан берди* (Аалы). *Адылды мен да таба албай, Кур буудандай зоруккам* (Жантөшев).

ЗОРУКТУР зорук этишинин аркылуу мамилеси.

ЗӨӨКҮР *зат.* Көбүнчө күч колдонгон, күч жумшаган киши, ээн баш, тартип бузуучу, зомбулук көрсөтүүчү, дөгүрсүгөн киши; хулиган. *Сени тим эле дайын таппай жүргөн зөөкүр го дечү элем* (Сыдыкбеков). *Жылуу-Булактын боюнда өң зөөкүрлөр бозо ичип отуруп мастыктан чатак чыгат* (Элебаев).

ЗӨӨКҮРДҮК *зат.* Зөөкүр кишилерге таандык сапаттар, зомбулук, дөгүрсүгөндүк.

ЗӨӨКҮРЛӨН *этиш.* Зөөкүрдүк кылуу, күч колдонуп, зомбулук көрсөтүү, ээн баштык кылуу, хулигандык кылуу.

ЗӨӨКҮРЛҮК зөөкүрдүк менен бирдей.

ЗУБР *зат.* Топоз сыяктуу жапайы айбан.

ЗУЛПУКАР зулпукор менен бирдей.

ЗУЛПУКОР *зат.* Легендарлык курч кылыч. *Кара болот зулпукор Кынай белге илиптир* («Манас»). *Кылычтын кынай мыктысы, Манас алган зулпукор* («Манас»).

ЗУЛУМ *сын.* Залим, катаал, ырайымсыз, таш боор. *Бай-манаптан өчүңдү ал, Алдатпагын зулумга* (Тоголок Молдо). *Миңдин канын уурдаган Зулум болгон ал заман* (Бөкөнбаев).

ЗУЛУМДУК *зат.* Залимдик, катаалдык, ырайымсыздык, таш боордук. *Карылар байлардын зулумдугун унута элек* (Абдукаримов).

ЗУЛУМЧУЛУК зулумдук менен бирдей.

ЗУМБАЛ *зат. диал.* Чоң узун кап.

ЗУМУРАТ *зат.* Ачык жашыл түстүү асыл таш.

ЗУМУРУК *зат.* Жомоктордо айтылуучу куш.

ЗУМУРУТ зумурат менен бирдей

ЗУҢКУЙ *этиш.* Узун, эби-сыны жок күрсүйүп көрүнүү.

Зуу этүү — зыпылдоо, өтө тез жүрүү. *Бирок ошол замат зуу этип удаа жеткен Оруздек Аскардын эки ийнинен тең таянып, башынан алыс секирди* (Сыдыкбеков).

ЗУУЛА зуулда менен бирдей.

ЗУУЛДА *этиш.* 1. Зуу-зуу эткен дабыш, үн чыгаруу. *Темир аркандардагы чыгырыктар зуулдай баштады* (Сасыкбаев).

2. Зыпылдоо, зымыроо, зымырап тез жүрүү. *Зуулдап машинада кара жолдо, Караймын көзүм тойбой оңго-солго* (Шүкүрбеков).

ЗУУЛДАТ зуулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗУУЛДОО зуулда этишинин кыймыл атоочу.

ЗУҢКҮЙ *этиш.* Чоң, солдойгон көрүнүштө болуу, дүңкүйгөн, бакыбат кебетеде болуу.

ЗЫГЫР *зат.* Сабагынан була, уругунан май алынуучу өсүмдүк.

ЗЫЙКЫР *туурасы:* **сыйкыр.**

ЗЫЙНАТ *зат.* 1. Көрк, жасалга. *Жарашыктуу жаныбар Тоту куштун зыйнаты.*

2. Сый-сыпат, ыракат. *Зыйнатында отурып, сыпатың айтып койбодум* (Тоголок Молдо).

ЗЫЙНАТТА *этиш.* 1. Жасалгалоо, көркө келтирүү.

2. Сый-сыпат көрсөтүү, кастарлоо.

ЗЫЙНАТТАТ зыйнатта этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫЙНАТТОО зыйнатта этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫКЫЙ *этиш.* Абдан тыкан, жыйнак түргө келүү; чыкчыюу.

ЗЫКЫЙТ зыкый этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫКЫЛДА *этиш.* Зыпылдоо, шашылгандай, жүрөк зыркылдагандай абалда болуу.

ЗЫКЫЛДАТ зыкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫКЫЛДОО зыкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫКЫМ *сын.* Колупан эч нерсе чыкпаган, сарай, катуу баш. *Атаң чириген бай болсо дагы.. куучуюп зыкым болучу* (Байтемиров).

ЗЫКЫЮУ зыкый этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫМ сым менен бирдей.

ЗЫМАН: зыман кылуу — талкалоо, кыйратуу. *Бет алышкан душманды Зыман кылган эр Кошой* («Манас»).

ЗЫМПЫЙ *этиш.* Зымылдаган, тыкан тартипке келтирилген, иреттүү көрүнүштө, кебетеде болуу, зыкыйган, зыңгыраган абалда болуу. *Казы алуучу боор эт Кайра партып зымпыйып, сөөгүнө жабышкан* («Манас»). *Сыр бербестен зымпыйып, Адептүү болгун баарыңар* («Манас»).

ЗЫМПЫЙТ зымпый этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫМПЫЮУ зымпый этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫМЫЛДА *этиш.* Жымылдоо, жымылдаган, текши түргө келүү. *Түгөл зымылдаган жерди.. тап-тап тээп бийлеп кирди* (Бейшеналиев).

ЗЫМЫЛДАТ зымылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫМЫЛДОО зымылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫМЫРА *этиш.* Өтө тез жүрүү, зыпылдоо, *Бөлкөнү тез ташыпып жиберип, буйдалбай кайра Беккулду карай зымырадым* (Элебаев).

ЗЫМЫРАТ зымыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫМЫРОО зымыра этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫМЫРЫК зумурук менен бирдей.

ЗЫМЫРЫЛ *этиш.* Өтө тез жүрүү, зыпылдоо, зымыроо. *Каракер быштыэки кулакты жапыра түшүп зымырылды* (Сасыкбаев).

ЗЫМЫРЫЛТ зымырыл этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫМЫРЫЛУУ зымырыл этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫНДАН *зат. тар.* Жерди терең казып жасаган ор, түрмө. *Кырк аркан бою зынданга Тирүүлөй аны салыптыр* («Манас»).

ЗЫҢГЫРА *этиш.* 1. Зыңкыйган көрүнүштө, менменсинген абалда болуу. *Сырга Аскардын антип карашын сезмексен болуп, зыңгырап токтоо басты* (Сыдыкбеков).

Кылыч белде кыңгырап, Бастырып чыкты зыңгырап («Семетей»).

2. Коңуроодон кагылгандай ичке дабыш чыгуу же үн чыгаруу.

ЗЫҢГЫРОО зыңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫҢЖЫР *туурасы*: **чынжыр.**

ЗЫҢКЫЙ *этиш.* Какаюу, катып калуу, катып калгандай көрүнүштө болуу. *Табылды турат зыңкыйып* («Эр Табылды»).

ЗЫҢҚЫЙТ зыңкый этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫҢКЫЛДА *этиш.* Зыңгыраган үн чыгаруу. *Динар зыңкылдап ырдап коюп, кээде өз алдынча сүйлөйт* (Сыдыкбеков).

ЗЫҢЫЛДА *этиш.* 1. Ызылдагандай ичке үн чыгаруу, ызылдагандай дабыш чыгуу. *Камыш өлөң ичинде, чиркейлер жүрөт зыңылдап* (Жантөшев). *Ырдагым келди зыңылдап* (Осмонкул).

2. Зырпылдоо, зырпылдагандай сезилүү. *Кез-кезде гана азыраак Башың коёт зыңылдап* (Шүкүрбеков).

ЗЫҢЫЛДАТ зыңылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫҢЫЛДОО зыңылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫП: зып-зып *туур.* Өтө тез, абдан ылдам болгон кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат. *Жок болду кула мерген, Шумдук мерген Зоокадан, аскалардан аттап зып-зып* (Осмонов).

ЗЫПЫЛДА *этиш.* Зымыроо, абдан тез жүрүү, өтүү. *Зыпылдап автомобиль арыш керди* (Сыдыкбеков). *Кыргыек куштай зыпылдап, Кыялым учуп жөнөдү* (Бөкөнбаев).

ЗЫПЫЛДАТ зыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫПЫЛДОО зыпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫР: зыр дей түшүү—1) зырп дей түшүү; тыз эткендей сезим пайда болуу; чочуп кетүү, коркуп кетүү. *Зыр эте түштү жүрөгү, Бычак менен ургандай* (Жантөшев); 2) зып этип тез өтүү, зыпылдап өтө тез жүрүү.

ЗЫРГУУ зыргы этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫРГЫ *этиш.* Өтө тез жүрүү, дыр коюп катуу жүрүү; зымыроо. *Айбандан эстүү [Кылкүрөң].. Булуттай учуп зыргыды* («Сейтек»).

ЗЫРГЫТ зыргы этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫРҚААР ызгаар менен бирдей.

ЗЫРҚЫРА *этиш.* 1. Зымыроо, зыпылдоо, өтө тез жүрүү. *Асманда октор зыркырайт* («Мугалимдерге жардам»). *Күчтүү, күлүк от араба, Алга карай зыркырайт* (Аалы).

2. Зырылдоо, зыр-зыр эткен дабыш чыгаруу, зыр-зыр этүү. *Таң алдында муздак жел Өзөн ылдый ураңда Камыштын башы зыркырап* («Сейтек»).

3. Сыздоо, зар ыйлоо, катуу капаланууу. *Зыркырап ыйлап күйүнүп, Сырттанынан түңүлүп* («Эр Төштүк»). *Жайытың жойсыз болгондур, Жалгызым деп зыркырап* (Токтогул). *Үйду мүйүзгө чапса, туягы зыркырайт* (макал).

4. Заарканууу. *Жабык вагондордун көмүрүн түшүрүү өтө оор болгондуктан кишилер аны түшүрүүдө зыркырап турушат* (Абдукаримов).

ЗЫРҚЫРАТ зыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫРҚЫРОО зыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫРП: зырп этүү — 1) тыз эте түшүү, сыздай түшүү, тыз эткендей сезим пайда боло түшүү. *Мыскалдын жүрөгү зырп эте түштү* (Сыдыкбеков). *Андан соң.. Бүбуш жары келе түшүп, зырп этип жүрөк учу тыз-тыз этти* (Осмонов); 2) заарканууу; чочуп, коркуп кетүү.

ЗЫРПЫЛДА *этиш.* 1. Зырп этүү, зыр эткендей, тыз эткендей сезим пайда болуу.

2. Заарканууу, дит бакпоо, коркуп кетүү. *Коркуп манап, байынан, Эт жүрөгү зырпылдап* (Жантөшев).

ЗЫРПЫЛДАТ зырпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫРПЫЛДОО зырпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫРЫЛДА зыркыра менен бирдей.

ЗЫЯН *зат.* Кандайдыр бир нерсеге же ишке келтирилген кесепет, залал, бузулууга, чыгымга ж. б. кириптер болгондук, тескери таасир. *Жалкоо өзүнө гана түгүл, өлкөгө да зыян кылат* (Байтемиров). *Тишти кордосок, сөзгө зыян* (макал).

ЗЫЯНДА *этиш.* Зыянга учуроо, зыянга кабылуу, зыян тартуу.

ЗЫЯНДАТ зыянда этишинин аркылуу мамилеси.

ЗЫЯНДОО зыянда этишинин кыймыл атоочу.

ЗЫЯНДУУ *сын.* Зыяны бар, жаман таасирлүү, зыян келтирүүчү. *Экинчи каталыгым, сенин зыяндуу кылыктарыңды көрүп мурунтан тыюу сала албагандыгым* (Жантөшев).

ЗЫЯНКЕЧ *зат.* Зыян келтирүүчү. *Зыянкеч бузук дүйнөдөн Тазалоо керек араны* (Шамшиев).

ЗЫЯНКЕЧТИК *зат.* Зыян келтирүүчүлүк, залал келтирүүчүлүк. *Капсалаңдын зыянкечтигине толук көз жетти* (Бейшеналиев).

ЗЫЯНКОР зыянкеч менен бирдей.

ЗЫЯНСЫЗ *сын.* Зыяны жок, зыяндуу эмес.

ЗЫЯПАТ *зат.* Сый, көрсөтүлгөн сый, мейман кылуу, меймандостук. *Жылкыдан тандап бээ союп, Баатырың зыяпатын арттырды* («Манас»). *Ражаб келген балдарды үйүнө алпарып зыяпат кылгысы келди* (Абдукаримов).

ЗЫЯРАТ *зат. дин.* Мазардуу, касиеттүү ыйык жерлерге сыйынуу. *Эл барып зыярат кылып жүргөн жерлерге да барбайм* (Абдукаримов). *Хан атамдын күмбөзгө Бир зыярат кылалы* («Семетей»).

ЗЭЭН *зат.* Акыл-эс жөндөмдүүлүгү, сезимдүүлүк, көңүл коюучулук. *Мурдагысына караганда балага зээн кирип калды.*

◆ **Зээни кейүү** — кайгыруу, капаланууу, капа болуу.

ЗЭЭНДҮҮ *сын.* Сезимдүү, акыл-эстүү; сергек. *..Адыл зээндүү, тырышчаактыгы аркасында илимди тез өздөштүрдү* (Сыдыкбеков).

ЗЭЭНДҮҮЛҮК *зат.* Сезимдүүлүк, акыл-эстүүлүк; сергектик. *Кызынын ушунчалык зээндүүлүгүнө, тыкандыгына анык эне-лик сүйүүсү менен жооп берет* (Абдукаримов).

ЗЭЭР I *зер* I менен бирдей.

ЗЭЭР II *зат.* Арка кыркасы; жылкының өркөчтөн кийинки бөлүгү, арка омурткаларынын аяккы бөлүгү турган жери. *Өркөчү бийик, зээри бас, Өкүм күлүк бир канча* («Манас»). *Көкбөргө чапкыдай, Жоору жок болсун зээри* (Токтогул).

И

И *сырд.* Кандайдыр бир нерсе жөнүндө суроо алдында, кубаттоо иретинде ж. б. ички сезимди билдирүү үчүн колдонулат. *И, балдар, жакшы турасыңарбы?* (Турусбеков). *И, айланайын, сен да чоор тартасыңбы?* (Жантөшев). *И, кызым, ойлон, ойлон!*

ИБАРАТ *зат.* Үлгү, өрнөк. *Залимдерден өчүңдү ал, Ибарат калсын артында* (Тоголок Молдо).

ИДЕАЛ *зат.* 1. Ойлогон оюн ишке ашырууда алдыга коюлган эң жогорку максат; умтулган тилек. *Коммунисттик идеалдар коомдун материалдык байлыктары болгон шартта гана турмушка ашырылууга мүмкүн экендигин биз билүүгө тийишпиз* («Коммунист»).

2. Бир нерсенин эң жогорку үлгүсү; сапаты. *Карагайлуу беттүү капчыгайды тиктеп, Жумагүлдүн ойлуу турушу ага идеал болуп көрүндү* (Шимеев).

ИДЕАЛИЗАЦИЯ *зат.* Бирөөнү же бир нерсени анын өз турмушунан алда канчалык мыкты, сонун кылып көз алдыга келтирүү, көрсөтүү, чындыктан ашыра мактоо.

ИДЕАЛИЗМ *зат.* Бардык нерсенин негизи — дух , сезим, идея деп эсептеген, материализмге карама-каршы турган реакциячыл, илимге каршы философиялык багыт.

ИДЕАЛИСТ *зат.* 1. Идеалисттик философиянын жолун жолдоочу.

2. Чындыкты сонун, мыкты кылып көрсөтүүчү, идеализация кылуучу адам.

ИДЕАЛИСТТИК *сын.* Идеализмге таандык.

ИДЕОГРАММА *зат. лингв.* Кандайдыр бир тилдеги тамга сыяктуу айрым тыбыштарды билдирбестен, бүтүндөй бир түшүнүктү билдирүүчү шарттуу жазуу белгиси.

ИДЕОГРАФИЯ *зат. лингв.* Идеограмманын жардамы менен жазылуучу жазуу.

ИДЕОЛОГ *зат.* Бир таптын, топтун, багыттын идеологиясын билдирүүчү жана жактоочу киши.

ИДЕОЛОГИЯ *зат.* Көз караштардын жана идеялардын системасы, саясий, укуктук, диний, адабий, философиялык ж. б. көз караштардын, түшүнүктөрдүн жыйындысы, системасы. *Марксисттик-лениндик идеология. Буржуазиялык идеология.*

ИДЕОЛОГИЯЛЫК *сын.* Идеология га таандык .

ИДЕЯ *зат.* 1. Адамдын аң-сезиминдеги ой-пикирди жана аның айлана чөйрөгө болгон мамилесин көрсөтүүчү түшүнүк, элес, ой. *Окуган сайын ага жаңы идея, жаңы сезим, жаңы көз караш туула берди* (Баялинов).

2. Көз караштардын негизги принциби, бир нерседеги негизги ой.

ИДЕЯЛУУ *сын.* Идеясы бар. *Ар бир коммунист өзү коммунизмдин жогорку идеялуу куруучусу болушу.. эң маанилүү ии* («Коммунист»).

ИДЕЯЛУУЛУК *зат.* Алдынкы, прогрессивдүү идеясы бардык, мазмундуулук. *Биздин искусствонун чыныгы элдиги, интернационалдуулугу, жогорку идеялуулугу, эбегейсиз көркөмдүүлүгү жана тез өркүндөшү аны.. даана жана асыл кылып көрсөтөт* (Аалы).

ИДЕЯЛЫК *сын.* Идеяга таандык.

ИДИОМА *зат. лингв.* Тутумундагы сөздөрдү айрым алганда тике маанисинде колдонулбаган, ошол тил үчүн гана мүнөздүү болуп, башка тилдерге сөзмө-сөз которулбаган, ажыратып карооо болбой турган сөз айкаштары. Мис., *колтугуна суу бүркүү, жумурткадан кыр чыгаруу* ж. б.

ИДИОМАТИКА *зат.* 1. Идиомалар жөнүндөгү окуу.

2. Кандайдыр бир тилдеги идиомалардын жыйындысы.

ИДИРЕК *зат.* Жөндөм, зээн. — *И, и.. Каныбегимдин идиреги бар экен! — деп Жума эмнегедир кубангандай боло түштү* (Жантөшев).

ИДИРЕКТҮҮ *сын.* Жөндөмдүү, зээндүү.

ИДИШ *зат.* Тамак-аш, эр кандай продуктылар куюу үчүн, салып коюу үчүн ж. б. максаттарда колдонулуучу чыны, табак, кап сыяктуу буюмдардын жалпы аты. *Өрүшүнө мал жайнап, Идиши толо бал-каймак, чарбасы өскөн кыргыздын* (Калык).

◆ **Идиш-аяк** — тамак ичүү үчүн колдонулуучу идиштердин жалпы аты.

ИЕРОГЛИФ *зат.* Кандайдыр бир түшүнүктү берүү үчүн идеограммага негизделген жазуу белгиси (мис., кытай жазуусу).

ИЖАРА *зат.* Убактылуу пайдаланууга жерди, үйдү ж. б. арендалоо, жалдоо.

ИЗ *зат.* 1. Адамдын, айбандын, машиналардын ж. б оасып өткөн жерлеринде

калган белги, так. *Аттын изи. Коёндун изи. Жеңил машинанын изи.*

◆ **Изден тайбоо** — белгиленген жолдон чыкпоо. *СССР «кансыз согушту· жоюу.. курсун изден тайбай жүргүзүп келе жатат* («Коммунист»). **Из суутуу** к. **суут II. Изин баспоо** — жакын жолобоо, алыс жүрүү, жолуна түшпөө. *Биз изиңди мындан кийин баспайбыз* (Сыдыкбеков). **Сары изине чөп салуу** к. **чөп I.**

ИЗАТ *туурасы*: **ызат.**

ИЗДЕ *этиш.* Табуу үчүн аракеттенүү; кыдыруу, кароо. *Китепте не кааласаң, бардыгы бар, Эринбей карап чыксаң, таамай изде* (Осмонов). *Көбөштүн кордугуна чыдай албай Семетейди изде жөнөйт* (Бөкөнбаев).

ИЗДЕН изде этишинин өздүк мамилеси.

ИЗДЕТ изде этишинин аркылуу мамилеси.

ИЗДӨӨ изде этишинин кыймыл атоочу.

ИЗИЛДЕ *этиш.* 1. Изин табуу, жөнүн, тегин ж. б. билүү үчүн аракеттенүү, иликтөө. *Изин куун адашпай, изилдеп булар барды эми* (Үсөнбаев).

2. Текшерүү, текшерип чыгуу, бир нерсенин кандай түзүлүштө, кандай өзгөчөлүктөрү бар экендигин ж. б. карап билип, тааныш чыгуу. *Сартбаев кыргыздын элдик оюндарын изилдеди* (Сыдыкбеков).

ИЗИЛДЕН изилде этишинин өздүк мамилеси.

ИЗИЛДЕТ изилде этишинин аркылуу мамилеси.

ИЗИЛДЕШ изилде этишинин кош мамилеси.

ИЗИЛДӨӨ изилде этишинин кыймыл атоочу.

ИЗИЛДӨӨЧҮ *зат.* Изилдөө иштерин жүргүзүүчү, изилдөө ишин жүргүзүүчү адам.

ИЗЛОЖЕНИЕ *зат.* Маанисин өз сөзү аркылуу берген жазуу жумушу.

ИЗҮҮЛДӨ *туурасы*: **изилде.**

ИЙ I *зат.* Бир нерсенин (мис., теринин) абдан жумшартылган, ушаланган, жумшартылып ийленген абалы. *Ийи чала калат деп, алым салып ийлетип* («Манас»).

◆ **Ийге келүү** *же* **ийге көнүү** — сөзгө келүү, жоошуу, ыкка көнүү. **Ийин чыгара иштөө**—иштин маңызын чыгара иштөө.

ИЙ II *сырд.* Нааразылыкты, өкүттө калгандыкты, таң калууну, уялып кеткендикти ж. б. билдирүүдө колдонулат. *Ий , баягы бөлөм турбайбы* (Жантөшев). *Ай-ий — Ай-ий, чоң эне, ушул боюон дегенди кантсек-ай — деп,* [*Динар*] *чоң энесин беймаза кылат* (Сыдыкбеков).

ИЙ III *этиш.* Солкулдак же серпилгич нерсени, катуу нерсени кайруу, майыштыруу *Темирди ие кармаган комсомолдорго ырахмат* (Сыдыкбеков). *Бул жыгач шагын иет* (Сыдыкбеков).

◆ **Баш ийүү** — моюн сунуу; багынуу. *Бастырлык кылган киши баш ийип, бирөөгө ыйлаган уят* (Жантөшев).

ИЙ IV *этиш.* 1. Ийгүү, жумшоо, жибүү, ак көңүлү кармоо, **көңүлдөнүү.** *Эмгек кылган кишиге көңүлүңдү ийгенсиң* (Үмөталиев).

2. Сүт чыгуу, агуу (мис., эмчектен). *Ар жагында сүт ийип, Араң турат төгүлбөй* (Үмөталиев).

ИЙ V *этиш.* Негизги этиштен кийин колдонулуучу көмөкчү этиш. *Тура калып Айганыш, ыйлап ийди тыбырап* (Жантөшев). *Элеманды ал кемпир соруп ие таштады* («Эр Төштүк»).

ИЙГИ *сын.* Жакшы, түзүк. *Ал* [*Даша*] *эстүү, ошого жараша түсү ийги* (Сасыкбаев). *Үйрөнүшкөн жоо атышарга ийги* (макал).

ИЙГИЛИК *зат.* Жакшы натыйжа, жакшы иш, жетишкендик, жемиштүү иш. *Ийгиликке ээ болуп , көргөзмөгө баргыла* (Осмонкул). *Ээ, кагылайын, ийгилигиң куттуу болсун* (Маликов). *Ийгиликтин эрте-кечи жок* (макал).

ИЙГИЛИКСИЗ *сын.* Ийгиликке ээ болбогон, натыйжасыз.

ИЙГИЛИКТҮҮ *сын.* Жакшы натыйжалуу, жемиштүү, ийгилиги бар. *Сага иштин ийгиликтүү болушу эле жакшы, — деди Ашым акырында* (Каимов).

ИЙДИ *зат.* Чейчек, кашык, сузгу ж. б. жасаганда ичин оё турган ийри бычак.

ИЙДИЛЕ *этиш.* Ийди менен оюу. *Жанузак тынымы жок, Ийдилеп чөмүч, чөйчөк, кашык жасайт* («Советтик Кыргызстан»).

ИЙДИЛЕТ ийдиле этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙДИЛӨӨ ийдиле этишинин кыймыл атоочу.

ИЙИ ий IV менен бирдей.

ИЙИГҮҮ ийик этишинин кыймыл атоочу.

ИЙИК I *зат.* Жүндү, кебезди ийрүүгө ылайыкталып жасалган нерсе. *Чоң эне ийик эле ийрип отурат* (Сыдыкбеков).

ИЙИК II *этиш.* Ийүү, көңүлү жибүү, жумшаруу. *Келгениңе алты айдан ашты, ушу бечараларга бир ийиккениңди көрбөдүм* (Жантөшев).

ИЙИКТИР ийик этишинин аркылуу мамилсеи.

ИЙИЛ ий III этишинин туюк мамилеси.

ИЙИЛЧЭЭК *сын.* Ийиле бере турган, оңой ийиле турган, ийилүүгө жөндөмдүү. *Чынар жайылган сайын ийилчээк, иним* (Сыдыкбеков).

ИЙИН I *зат.* Моюндан кол сөөгүнүн жогорку башына чейинки аралыкты ээлеген адамдын денесинин бир бөлүгү. *Сартбаев адатынча эки ийнин бирдей куушуруп, күлө сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Боз шинелдүү буктөп, оң ийнине салып койгон* (Сыдыкбеков).

◆ **Ийин бүтөлүү**—бүтүн кийим кийүү, кийими бүтөлүү, жыртык болбоо.

ИЙИН II *зат.* Айбанаттардын жерди казып жасап алган баш калкалоочу жайы.

ИЙИНДЕ *этиш.* **Ийинге салып көтөрүү.** *Дилде эки чакасына суу алды да ийиндеп, бурак-бурак басып жөнөдү* (Каимов).

ИЙИНДЕТ ийинде этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙИНДЕШ ийинде этишинин кош мамилеси.

ИЙИНДӨӨ ийинде этишинин кыймыл атоочу.

ИЙИНДҮҮ I *сын.* Ийиндери кең, далылуу.

ИЙИНДҮҮ II *сын.* Ийиңдер көп, ийини бар. *Ийиндүү жер.*

ИЙИҢКИ *сын.* Бир аз ийилген.

ИЙИР *этиш.* 1. Эшүү, чыйратуу. *Таенесинин жүн ийиргенин карап отура берүүчү* (Сыдыкбеков). *Була менен жибекти Аралаш ийирип талдырдым* («Эр Төштүк»).

2. Кайруу, кайрып, айдап бир жерге чогултуу, имерүү (мис., көйдү, жылкыны).

3. *өт.* Башкаруу, кыңк эттирбей, өз эркинче башкаруу. *Алайдын элин ийирип, жушатып келди* (Аалы).

ИЙИРТ ийир этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙИРҮҮ ийир этишинин кыймыл атоочу.

ИЙКЕ: баш ийкөө — макул болгондукту билдирип башты кыймылдатуу. *Эсен уңчукпай гана башын ийкеди. Мен Шарыйдын кебин үнсүз баш ийкеп кубаттадым* (Сыдыкбеков).

ИЙКЕМ *зат.* Жөндөм, шык, эп, элпектик. *Жаш жигиттин бул ыкласы, тек, ысык сүйүшкөндүк., эң кымбат ийкем* (Сыдыкбеков).

ИЙКЕМДҮҮ *сын.* Жөндөмдүү, эптүү, элпек. *Шахтанын башкы инженери ийкемдүү жаш жигит* (Сасыкбаев). *Талча шып ордунан турду. Мындай кезде ал ийкемдүү да* (Байтемиров).

ИЙКЕМДҮҮЛҮК *зат.* Жөндөмдүүлүк, эптүүлүк, элпектик. *Ал өзүнүн келиндеринин шайдоottугуна, турмуштун шартына ийкемдүүлүк көрсөткөндөрүнө сыймыктанды* (Убукеев).

ИЙЛЕ *этиш.* 1. Тебелеп, ушалап (мис.; терини) жумшартуу, ийине келтирүү. *Булгаары ийлеп, шым кыпса, Өңү сонун кулпурса, Уздун чери жазылат* (Токтогул).

2. Мыжыгып, эзгилөө жанчып же аралаштырып ж. б. аракеттер менен жумшартуу, ийине келтирүү. *Унду кемпир ийледи, Урушуп жаман сүйлөдү* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Аябай сабоо, уруу. *Тың сүйлөсө бир кедей, калчы менен ийлеген* (Калык).

ИЙЛЕН ийле этишинин өздүк мамилеси.

ИЙЛЕТ ийле этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙЛЕШ ийле этишинин кош мамилеси.

ИЙЛӨӨ ийле этишинин кыймыл атоочу.

ИЙМЕ: ийме-чийме *сын.* Каршы-терши, иретсиз. *Кагаздын бетинде ийме-чийме сызыктар эле көп* (Таштемиров).

ИЙМЕЙ *этиш.* Бир аз ийилүү, ийилиңки тартуу; илмейип, кабырыңкы көрүнүү. *Жылмайды алда неге Мария жаш, Азыраак көтөрүлдү иймейген каш* (Аалы). *Ийнелик, ийнелик, Иш кылуудан ийменип, кыш болгондо карды ачып, жатып калат иймейип* (Аалы).

ИЙМЕЙТ иймей этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙМЕЙҮҮ иймей этишинин кыймыл атоочу.

ИЙМЕК *зат.* 1. Кооздук үчүн кулакка тагууга ылайыктап көбүнчө кымбат металлдардан жасалуучу жасалга, сөйкө, сырга. *Эки кулагынын көнчөгүнө илинген иймектери кыймылдап турат* (Жантөшев).

2. Ийилген, иймейген форма.

ИЙМЕКЕЙ *сын.* Ийилиңки, ийилген, иймейген. *Тигил бүркүттүн тумшугундай иймекей жашыл аска анын эсинде* (Шимеев).

ИЙМЕН *этиш.* Жазгануу, ызат кылуу; тартынуу, тайманууу. *Ары да өттүм, бери да өттүм, Теше карап ийменбей* (Үмөталиев). *Улуудан уял, кичүүдөн иймен* (Сыдыкбеков).

ИЙМЕНТ иймен этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙМЕНҮҮ иймен этишинин кыймыл атоочу.

ИЙМЕНЧЭЭК *сын.* Тартынчаак, жазганчаак, уялчаак; ызаттуу, ызат көрсөткөн. *Ийменчээк болсо жаш балдар, Сүйгөнүнөн кур калат* (Токтогул). *Булар кадимки эле нур жүздүү, кыргыздын ийменчээк кыздары болуп чыкты* (Сыдыкбеков).

ИЙНЕ *зат.* Жип саптап, тигүүгө ылайыкталып, ичке металлдан көз чыгарып жасаган нерсе. *Колу чебер аялдын, учугу түшпөйт ийнеден* (Барпы). *Ийне өткөн жерден шоона өтөт* (макал).

Ийнесинен жибине чейин — бардыгын, бүт бойдон, майда-чүйдөсүнөн бери. *Ийнесинен жибине чейин сурөштүрүп бүткөндөн кийин, Алымды ээрчитип үйүнө кирди* (Жантөшев).

ИЙНЕЛИК *зат.* Дене түзүлүшү сүйрүрөөк келген, ичке, канаттары эң эле жука чымын-чиркейдин бир түрү. *Токтой калып ойт берип, Ийнелик жүрөт дырылдап* (Жантөшев).

ИЙРЕЙ *этиш.* Ийри болуу, ийри-буйру, ийилген түргө келүү, ийри, ийилген түрдө болуу. *Велосипеддин дөңгөлөгү ийрейип калды.*

ИЙРЕЙТ ийрей этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙРЕЙҮҮ ийрей этишинин кыймыл атоочу.

ИЙРЕК I *зат.* 1. Терини өңдөөгө ылайыкталып жасалган орокко окшош, мизи мокок курал. *Түшкөн экен колунан, Кемпирдин темир ийреги* (Тоголок Молдо).

2. Орок.

ИЙРЕК II *сын.* Ийри, ийри-буйру, ирелектеген. *Ийрек-буйрак жол менен улам өөдөлөп баратат* (Сасыкбаев).

ИЙРЕКТЕ I *этиш.* Ийрек менен кыруу (мис., терини).

ИЙРЕКТЕ II ийрелеңде менен бирдей.

ИЙРЕКТЕТ ийректе этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙРЕКТӨӨ ийректе этишинин кыймыл атоочу.

ИЙРЕЛЕҢДЕ *этиш.* Түз жүрбөө, ийри-буйру же кыйрайыңкы кыймыл-аракет жасоо. *Чала жандуу жыландай, ийрелеңдеп жүрөсүң* (Токобаев).

ИЙРЕЛЕҢДЕТ ийреленде этишинин аркылуу мамилеси.

ИЙРЕҢДЕ ийреленде менен бирдей.

ИЙРИ I *сын.* Туз эмес, кыйшык, ийрейген, ийреленгеген. *Ийри таяк таянган бөкчөңдөгөн бир кемпир келди* (Байтемиров).

◆ **Кол ийрисине тартуу** — жакынына, өз дегенине жан тартуу. **Ийри тумшук** — олжого жакын, пайдалуу нерсенин үстүнөн чыгуучу.

ИЙРИ II: ийри жануу — көңүлү калуу, шагы сынуу.

ИЙРИ III ийир менен бирдей.

ИЙРИЙ ийрей менен бирдей.

ИЙРИЛ ийир этишинин туюк мамилеси.

ИЙРИМ I *зат.* Ийикке ийрилген жиптин бир түрмөгү; жүндүн бир түрмөктүк түйдөгү, ушунчалык өлчөм, чен. *Бир ийрим жип.*

ИЙРИМ II *зат.* Кружок. *Институттун адабий ийриминин мүчөлөрү менен шаардагы жаш акын-жазуучулардын жолугушуусу болуп өттү* («Ленинчил жаш»).

ИЙРҮҮ ийирүү менен бирдей.

ИЙҮҮ ий III этишинин кыймыл атоочу.

ИКЕ *туурасы:* **ике.**

ИКРА *зат.* Тамак продуктусу катарында колдонулуучу балыктын уругу.

ИКС *зат.* 1. Латин алфавитиндеги *х* тамгасынын аты.

2. *мат.* Математикада *х* тамгасы менен белгиленүүчү белгисиз сан, изделүүчү сан.

ИЛ *этиш.* 1. Асуу, асып коюу, кыстаруу, кыстарып коюу. *Алыска атар Аккелте Айдалыга илди эми* («Манас»). *Чаргын чылбырын кырчоого иле салды* (Сыдыкбеков).

2. Каалганын илгичи сыяктуу нерселерди чагарагына же ылайыкталган жерине өткөрүп коюу, бекитип коюу. [*Бзакул*].. *балдарды төркү үйүнө киргизип, каалгасын илип, жашыруун сүйлөштү* (Шүкүрбеков).

3. Шап кармап кетүү, шамдагайлык, ылдамдык менен кармап алуу. *Канатын каккан карчыга Көлдө жаткан каздарды Кайрылып келип илбейби* («Олжобай менен Кишимжан»).

4. Кабыл алуу, айтылган сөздү дароо кабыл алуу, кармап калуу. *Атасы менен Бөкөндүн Айтып жаткан сөздөрүн Назарына илген жок* («Саринжи—Бөкөй»).

◆ **Көзүнө илбөө** *к. көз.* **Кулакка илбөө** — укпоо, тил албоо, төотпоо.

ИЛБЕРИҢКИ *сын.* Элпек, кыймыл-аракети жеңил, шар. *Илбериңки, тил алгыч иниң элем, Токтогул* (Токтогул).

ИЛБЕСИН *туурасы:* **илбээсин.**

ИЛБИ *этиш.* Илээлеп, сүйрөлүп араң басуу, араң жан кыймылдоо, аракет кылуу.

ИЛБИРС *зат.* Мышыктар түркүмүнө кирүүчү жырткыч айбан. *Кабылан, жолборс, бөрү бар, Илбирс, аюу, шери бар* (Тоголок Молдо).

ИЛБИТ илби этишинин аркылуу мамилеси.

ИЛБҮҮ илби этишинин кыймыл атоочу.

ИЛБЭЭСИН *зат.* Эти желүүчү жапайы куштар; аңчылык кылына турган жапайы канаттуулар. *Илбээсинди көргөндө, Куштун чери жазылат* (Токтогул).

ИЛГЕРИ *такт.* 1. Алдыга, алды жакка, алды жакты көздөй. *Коммунизмге өтөлү, калкым умтул илгери* (Үмөталиев).

2. Мурун, көп убакыт мурда, бир кездерде. *Мындан аз гана күн илгери өң жаштар болушуп сейил курушуп чыгышкан булуң көрүндү* (Сыдыкбеков). *Мындай турмуш күткөндү Көрбөдүм эле илгери* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Өйдө, жогору. *Жаман — кишиден кийин, иттен илгери* (макал).

ИЛГЕРИЛЕ *этиш.* Алга жылуу, илгери жылуу, алга умтулуу, алга жөнөө; оңолуу, өркүндөө. *Келе жаткан топтон бирөө илгерилей басып келди* (Жантөшев). *Иши илгерилегендин ити чөп жейт* (макал).

ИЛГЕРИЛЕТ илгериле этишинин аркылуу мамилеси.

ИЛГЕРИЛӨӨ илгериле этишинин кыймыл атоочу.

ИЛГЕРКИ *сын.* 1. Алдыңкы, алды жактагы, илгери кеткен. *Илгерки көч.*

2. Мурунку, көп убакыт мурдакы, байыркы. *Илгеркинин алпы көп, алпынан да калпы көп* (макал). *Илгерки тааныш жерине имерип келип кондурбу* (Бөкөнбаев).

ИЛГЕРТЕДЕН *такт.* Мурунтан, мурдатан бери, алда качантан бери, илгерки убактан бери. *Кыргыз эли акындык чыгармага илгертеден бай* (Сыдыкбеков).

ИЛГЕРТЕН илгертеден менен бирдей.

ИЛГИР *сын.* Илип кетүүгө шамдагай, алгыр. *Илгирмин ителгидей, билгин, эне* (Үмөталиев). *Кыргыйдан илгир бол.*

ИЛГИЧ *зат.* 1. Кур. *Эмнегедир белин чечип илгичин колуна кармап алган* (Сыдыкбеков).

2. Кийим илип койгуч. Илгичке кийимди илип коюу үчүн жакасынын ич жагына тигилген ичкесинен келген боолук, бүчү. *Кийим илгич. Пальтосунун илгичи үзүлүп калыптыр.*

3. Эшикти ичинен беките турган же жалпы эле илип коюу үчүн ылайыкталган илмек. [*Арнамызов*].. *барып каалганын илгичин чыгарды* (Убукеев). *Курчанган кайыш курунун илгичин чыгарды* (Жантөшев).

4. Апкеч, суу көтөргүч. *Ийниндеги илгичке кош чака көтөрүп келаткан кызыл көйнөк кыз көрүндү* («Ала-Тоо»).

5. *өт.* Алгыр, илгир. *Коёндон жапыз сен болуп, куштан илгич мен болуп* (Осмонов).

ИЛДЕТ *зат.* Оору, дарт. *Бир ай дарылансаң, бардык илдетиң жоголот* (Жантөшев). *Гүлайым күнтүн коюп үгүү менен.. илдеттин аттарын.. такып сурайт* (Бейшеналиев).

ИЛДЕТТҮҮ *сын.* Илдети бар, оорулуу, дарттуу.

ИЛДИР ил этишинин аркылуу мамилеси.

ИЛЕ *зат.* Айла, амал. *Илбирс менен жолборсту Илесин таап кыйраткан* (Тоголок Молдо). *Ителгинин улугун Илеси артык шумкар дейт* (Тоголок Молдо).

ИЛЕГЕН *зат.* 1. Чылапчын, дагыра. 2. *диал.* Табак, поднос.

ИЛЕГИЛЕК *зат.* Буттары тартайган, тумшугу узун, чоң келгин куш. *Кара кунас, көк кытан, илегилек, чөкө таан, Кызыталак жырткычтан Қырылып кетти канча жан* (Тоголок Молдо).

ИЛЕҢИ *зат. диал.* Элечек.

ИЛЕЛҮҮ *сын.* Айлалуу, амалдуу.

ИЛЕҢ: илең-салаң *такт.* Араң, кыбырап, илээлеп; илээлеген. *Алыстан көрүнгөнсүйт жалгыз караан, Қыбырап бастыргансыйт илең-салаң* (Шамшиев). *Тиги келин ишке илең-салаң киши эле* (Убукеев).

ИЛЕП *зат.* 1. Тап, кызыган жел, эпкин, ооздон чыккан дем, ысык дем. *Аптаптын илеби бир аз кайтайын деп калган* (Абдукаримов). *Оозунан чыккан илеби Улуу белдин желиндей* («Манас»). *Зуура эшикти түрөндө, үйгө салкын желдин илеби сокту* (Қаимов).

2. *өт.* Дем, ынтаа, дес, демилге. *Өчпөс кызыл жалындай жаш өмүрдүн илеби* (Нуркамал). *Абыл бөбөгүнүн илебин кайтарчу эмес* (Таштемиров).

◆ **Илеп белгиси** — *грам.* Илептүү сүйлөмдүн аягына коюлуучу тыныш белгиси (*!*)

ИЛЕПТҮҮ *сын.* 1. Илеби бар, өтө ысык. *Илмеңдеп учкан камгактар илептүү желге куудурайт* (Аалы).

2. *өт.* Демилгелүү, демдүү, кайраттуу, курч. *Аппак сакал касиеттүү чалдарың Арстан айбат, от илептүү балдарың* (Аалы).

◆ **Илептүү сүйлөм** — *грам.* ички сезимди билдирип ураан чакырганда, кубанганда, өкүнгөндө ж. б. айтылуучу сүйлөм.

ИЛИК I *зат.* 1. Тууган, жек-жаат. *Бул киши менең иликпиз.*

2. Дайын, кабар. *Илиги жок жоголду.*

◆ **Илик-жарма** *же* **илик-жилик** — тууган-туушкан; куда-сөөк, сөөк-тамыр.

ИЛИК II *зат.* Илмек. *Илик салбаган жылкы.*

◆ **Үч илик** — үч ача айры. **Беш илик** — беш ача айры.

ИЛИКТЕ I *этиш.* Сураштыруу, сурамжылоо; издөө. *Турумбектин үйү кайсы деп иликтейсиң, уктум* (Сыдыкбеков).

ИЛИКТЕ II *этиш.* Илмектөө, илмек салуу, илик салуу.

ИЛИКТЕТ иликте этиштеринин аркылуу мамилеси.

ИЛИКТӨӨ иликте этиштеринин кыймыл атоочу.

ИЛИМ *зат.* 1. Коомдун жана жаратылыштын өнүгүшүндөгү закон ченемдүүлүгүн жана айлана-чөйрөгө таасир кылуу жолдорун ачуучу билимдердин, маалыматтардын системасы жана анын айрым бир тармагы. *Советтик илим — дүйнөдөгү эң алдыңкы илим. Тарыхый илим. филологиялык илим.*

2. Билим, маалымат. *Илими бар адам.*

ИЛИМДҮҮ *сын. сүйл.* Окумуштуу; билимдүү. *Тарбиячы мугалим, Илимдүүдөн шайлайбыз* (Осмонкул).

ИЛИМИЙ *сын.* Илимге таандык. *Жазуу столунун үстүндө айыл-чарба ишпери жөнүндөгү илимий китептер жатат* (Жантөшев).

ИЛИМПОЗ *зат.* Окумуштуу, илимдүү, илимий кызматкер. [*Шарип*].. *тез эле даражалуу илимпоз болуп өсүп чыгат* (Шүкүрбеков).

ИЛИН ил этишинин өздүк мамилеси.

◆ **Көз илинүү** — үргүлөп уктап кетүү. *Короонун четинде кыйкырып турып эле, дилдиреп көзүм илине түшкөн экен* (Сыдыкбеков). **Көзгө илинүү** — көзгө көрүнүү, белгилүү болуп байкалып калуу. **Колго илинүү** — колго урунуу. *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов).

ИЛИШ ил этишинин кош мамилеси.

ИЛКИ *этиш.* Илээлеп акырын басуу. *Илкип араң гана басат. Кулбаш аксакал илкий басып, Култайдын үйүнө да жетти* (Абдукаримов).

◆ **Илкип-салкып** — жай, эптеп-септеп, илең-салаң, араң кыймылдап. *Илкип-салкып ишиңди бүтүргөн соң, Иретке өз башыңды кош деп айтат* (Тоголок Молдо).

ИЛКИТ илки этишинин аркылуу мамилеси.

ИЛКҮҮ илки этишинин кыймыл атоочу.

ИЛЛЮЗИЯ *зат.* 1. Сезим алдоосунун негизинде чыныгы нерсенин бурулуп көрүнүшү же кабыл алынышы, ушундай түшүнүк.

2. *өт.* Элесте гана болуучу нерсе; кыял; иш жүзүнө ашпай турган үмүт, таттуу кыял.

ИЛЛЮСТРАЦИЯ *зат.* Түшүнүктүү жана көрсөтмөлүү болуу үчүн берилген сүрөт же келтирилген мисал.

ИЛЛЮСТРАЦИЯЛА *этиш.* Түшүндүрүү максатында сүрөттөр менен жабдып көрсөтүү, көрсөтмөлүү кылуу.

ИЛЛЮСТРАЦИЯЛОО иллюстрацияла этишинин кыймыл атоочу.

ИЛМЕ *зат.* Жипти илип тартып токуй турган шибеге. *Илме менен сайдырган, Сайма сатты кайран эл* (Шайбеков).

ИЛМЕЙ илмий менен бирдей.

ИЛМЕК *зат.* 1. Илгич, илгек. *Каалганын илмеги. Дарбазанын илмеги.*

2. Укуруктун, чалманын ж. б. илип алуу үчүн ылайыкталып байланган же жасалган бөлүгү, көзөнөк бөлүгү. *Илмеги чоңураак укурук. Ыргыткан чалманын илмеги аттын мойнуна түшпөй калды.*

◆ **Илмек байлоо** — жиптин бир учун тартканда оңой чечилип кете турган кылып иле байлоо.

ИЛМЕКТЕ *этиш.* 1. Илмеги менен, илгичи менен бекитүү, илип коюу.

2. Илмек салуу, илмегин салып кармоо, илмекке түшүрүү.

ИЛМЕКТЕШ *этиш.* Бири-бирине илинишип калуу, илинишкен абалда болуу.
ИЛМЕКТЕШТИР **илмектеш** этишинин аркылуу мамилеси.
ИЛМЕКТЕШҮҮ **илмектеш** этишинин кыймыл атоочу.
ИЛМЕҢДЕ *этиш.* Ичке, мажес, арык көрүнүштө болуп тез-тез кыймылдоо, басуу. *Анын илкиген ичке шыйрагы илмеңдеп тез-тез көтөрүлдү* (Аалы). *Илмеңдеп майда балдар чуркап калды. Катындар сүйүнөндөн ыйлап алды* (Аалы).
ИЛМЕНДЕТ **илмеңде** этишинин аркылуу мамилеси.
ИЛМЕҢДӨӨ **илмеңде** этишинин кыймыл атоочу.
ИЛМИЙ *этиш.* Ичке, өтө арык көрүнүү, өтө ичке болуп арыктап кетүү. — *Тобокел, деле илмийип жатып спорт десе эле жаның тынбайт* [*деди Эрик*] («Жаш ленинчи»).
ИЛМИЙТ **илмий** этишинин аркылуу мамилеси.
ИЛМИЙҮҮ **илмий** этишинин кыймыл атоочу.
ИЛМЕҢДЕ **илмеңде** менен бирдей.
ИЛҮҮ **ил** этишинин кыймыл атоочу.
ИЛЭЭЛЕ *этиш.* Өтө жай кыймылдоо, жылуу. *Алымкул менен Алима.. [Аманкулдун] артынан карай-карай илээлеп баратышат* (Абдукаримов).
ИЛЭЭЛЕТ **илээле** этишинин аркылуу мамилеси.
ИЛЭЭЛӨӨ **илээле** этишинин кыймыл атоочу.
ИЛЭЭНДИ *сын.* Шалакы, тыкан эмес. *Илээндинин малы көчкөндө жок болот* (макал).
ИЛЭЭНДИЛИК *зат.* Шалакылык, тыкан эместик, тыкан жүрбөгөндүк. [*Шейше*].. *илээндиликке берилип.. жүдөө тарта баштады* («Ала-Тоо»).
ИЛЭЭШ *этиш.* 1. Дароо бөлүнүп кетпей, чубалжып жабышуу; жармашуу.
2. Бөлүнүп калбай эптеп кошо болуу; кошо жүрүү. — *Эл менен илээшип жайлоого көчүп кетишкен экен го, — деп ойлоду* (Бөкөнбаев).
3. Убара болуу, алышуу, артынан түшүү. *Ач буудан мага карматтайт, Үч күндөн бери илээштим* (фольклор).
◆ **Илээшкени бар** — диний түшүнүк боюнча: кошо илээшип жүргөн жинашайтаны бар (оору жөнүндө). **Көзгө илээшпөө** *к.* **көз.**
ИЛЭЭШКЕК *сын.* Илээшкен, илээшип турган. *Илээшкек зат.*
ИЛЭЭШМЕ **илээшкек** менен бирдей.
ИМ *этиш. сүйл.* Минүү. *Атка имди.*
ИМАМ **ыймам** менен бирдей.
ИМАН **ыман** менен бирдей.
ИМАРАТ *зат.* Курулган кандайдыр бир үй, курулуш жайы. *Азыр клубдун жаңы имараты, мектеп курулуп жатат* («Советтик Кыргызстан»).
ИМЕР *этиш.* 1. Кайруу; кайрып бир жерге топтоо; чогултуу. *Үч-төрт бала жылкыны имеришип чапкылашат* («Жаш ленинчи»). *Оттуу жерге имерип, Кырааны карт жылкычы* (Үмөталиев).
2. Жакындатуу, өзүнө тартуу, үйүр алдыруу. *Даша Жийдегүлдү бат эле имере тартып, абдан тааныш эмелерче сүйлөштү* (Сасыкбаев).
3. Толгой тартуу, толгой тартып жиберүү; толгой кармоо, чыйратуу. *Кыпкызыл болгон шиш темир кармап колго имерди* («Эр Төштүк»). *Акын көзүнө жаш алып, апаптак болгон мурутун имерди* (Бөкөнбаев).
4. Буруу. *Шофёр менин пикиримди билгендей машинасын чайканага имерди* (Аалы).
5. Айланчыктап байкоо. *Арстан Манас баатырды Аз имерип сындап өт* («Манас»).
◆ **Имере кароо** — айландыра кароо; көз жүгүртүү. *Түлкүбек көлдүн айланасын имере карады* (Жантөшев). *Ал дүрбүсүн эчен имерип карады* (Жантөшев). **Көзүнөн жаш имерүү** — көзүнөн жаш кылгыруу, көзүнө жаш келүү. *Көңүлү чалкып карт ырчы, Көзүнөн жашын имерди* (Бөкөнбаев).
ИМЕРИЛ **имер** этишинин туюк мамилеси.
ИМЕРИЛИШ *зат.* Кайрылыш, бурулуш. *Төмөнкү имерилиштен бир киши көрүндү* (Жантөшев).
ИМЕРҮҮ **имер** этишинин кыймыл атоочу.
ИМИШ *мод.* 1. Өңдөнөт, окшойт, сыяктанат, дейт деген мааниде колдонулат. *Каныбек кармалып, Сибирге айдалып кеткен имиш* (Жантөшев).
2. Дейт-дейт деген кабар, каңшаар сөз. *Түрдүү имиш, божомол, шек-шыбырлардын бардыгы Анархан менен Алымдын айланасына жайыла баштады* (Жантөшев).
ИМПЕРАТОР *зат.* Монархтын эң жогорку наамы, титулу; ошол наамдагы падыша. Ири монополиялардын үстөмдүк кылышы, сырье булактары жана чыгарып сатуу рыноктору үчүн, башка территориялар үчүн ири капиталисттик өлкөлөрдүн ортосундагы күрөш жана башка элдерди эксплуатациялоо мүнөздүү болгон, булар келип дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүүнү көздөгөн агрессиялык согуштарга алып баруучу капитализмдин эң жогорку жана эң акыркы стадиясы.
ИМПЕРИАЛИСТ *зат.* Империализмдин саясатын жактоочу ири капиталист.
ИМПЕРИАЛИСТТИК *сын.* Империализмге таандык. *Империалисттик өлкө. Империалисттик саясат.*
ИМПЕРИЯ *зат.* Башында император турган монархиялык мамлекет.
ИМПОРТ *зат.* Чет өлкөлөрдөн товарларды алып келүү.
ИМПОРТТУК *сын.* Импортко таандык. *Импорттук товарлар.*
ИМПРОВИЗАТОР *зат.* Төкмө акын, төкмө ырчы, мурдатан даярданбастан эле ырдап, күү чыгарып же улантып жиберүүчү киши.
ИМПРОВИЗАЦИЯ *зат.* 1. Күн мурун даярданбастан, аткарган учурдун өзүндө эле жамактап ырдоо же күү чыгарып ойноо.
2. Даярданбастан айтылган ыр, чыгарылган күү ж. б.

ИНВАЛИД *зат.* Оорудан, кырсыктан, карылыктан же жарадар болуунун натыйжасында толук же жарым-жартылай эмгектенүү жөндөмдүүлүгүнөн айрылган киши.

ИНВЕНТАРЬ *зат.* Мекемеге, ишканага, уюмга тиешелүү болгон буюмдар. мүлктөр.

ИНВЕРСИЯ *зат. лингв. ад.* Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибинин алмашылышы.

ИНГЕН *иңген* менен бирдей.

ИНДЕКС *зат.* 1. Бир нерсенин баасын, атын ж. б. көрсөткүч, тизме, санап көрсөткөн тизме.

2. Китепкананын классификациясында цифр же тамгалардын айкалышы аркылуу берилүүчү шарттуу белги.

3. Экономикалык көрүнүштөрдүн улам өзгөрүштөрүн процент менен көрсөтүүчү цифралык көрсөткүч. *Баалардын индекси.*

ИНДИВИДУАЛИЗМ *зат.* Жеке адамдын таламдарын коомдун таламдарынан жогору коюучу буржуазиялык идеологиянын негизги принциптеринин бири.

ИНДИВИДУАЛИСТ *зат.* Коомдун, коллективдин таламдары менен эсептешпеген, ою, кылык-жоруктарында индивидуализм көрүнүштөрү бар киши.

ИНДИВИДУУМ *зат.* Айрым тирүү организм; айрым киши.

ИНДУСТРИАЛИЗАЦИЯ *зат.* Бүткүл эл чарбасын же эл чарбасынын кандайдыр бир тармагын индустриялуу машина техникасына которуу.

ИНДУСТРИЯ *зат.* Машина техникасы менен жабдылган фабрика-заводдук өнөр жай. *Оор индустрия. Жеңил индустрия.*

ИНДУСТРИЯЛАШТЫР *этиш.* Индустриализация жүргүзүү.

ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ индустриялаштыр этишинин кыймыл атоочу.

ИНДУСТРИЯЛУУ *сын.* Индустриясы бар, индустриясы өнүккөн. *Азыр кыргыз республикасы жогорку маданияттуу, индустриялуу мамлекетке айланды* («Жаш ленинчи»).

ИНЕК *зат.* Тубар уй. *Өгүздөрдү карасаң, Атан төөдөй күчү көп, Инектерин карасаң, чака-чака сүтү көп* (Осмонкул).

ИНЕРЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир тышкы себеп бузмайынча тело өзүнүн тынч абалын же кыймылын сактап туруу касиети.

ИНЖЕНЕР *зат.* Техниканын бир тармагы боюнча жогорку техникалык билими бар специалист. *Инженер-механик. Инженер-электрик. Тоо инженери.*

ИНЖЕНЕРДИК *сын.* Техникалык; инженердин иши менен байланышы бар. *Инженердик иштер. Инженердик аскерлер.*

ИНИ *зат.* 1. Өзүнөн кичүү эркек бир туугандын, туушкандык жагынан жакын адамдардын кичүүсү. *Эркектен менден кичүү иним бар* (Сыдыкбеков). *Инженер иним болсо кенде жүрөт* (Сасыкбаев). *Манас менен бул Сыргак Ага-ининин баласы* («Манас»).

2. Өзүнөн кичүүлөргө карата айтылчу сөз.

◆ **Кайын ини — кайни менен бирдей.**

ИНИЧЕК *зат.* Ини деген сөздүн эркелеткен түрү. *Иничек, эл эмне чогулду* (Бөкөнбаев). *Иничегиңе сүйүнчү бербейсиңби?* (Абдукаримов).

ИНКУБАТОР *зат.* Жумурткалардан жасалма түрдө жөжө чыгаруучу аппарат.

ИНСПЕКТОР *зат.* Карамагындагы уюмдардын жана адамдардын иштеген иштеринин тууралыгына байкоо жүргүзүүчү жана контролдук кылуучу кызмат адамы. *Мектеп инспектору. Санитардык инспектор.*

ИНСПЕКЦИЯ *зат.* 1. Байкоо жүргүзүү жана инструкциялоо максатында иштелип жаткан иштердин тууралыгын текшерүү.

2. Текшерүүчү, контролдоочу мекеме. *Санитардык инспекция.*

ИНСТИТУТ *зат.* 1. Кээ бир илим-изилдөө мекемелери менен жогорку окуу жайларынын аты.

2. *юр.* Коомдук өз ара мамилелерди жөнгө салып туруучу закондордун, эрежелердин жыйындысы.

ИНСТРУКТОР *зат.* Өз тармагына каралтуу болгон уюмдардын же адамдардын иштерин текшерүүчү жана жетекчи көрсөтмө берип, ишти туура жолго коюуга үйрөтүүчү кызматкер. *Райкомдун инструктору.*

ИНСТРУКЦИЯ *зат.* Аткарыла турган иштин тартиби жана орундоо жолдору белгиленген жетекчи көрсөтмө, ушундай көрсөтмөлөрдүн жана жоболордун жыйындысы.

ИНСТРУКЦИЯЛА *этиш.* Кимдир бирөөлөргө жетекчи көрсөтмөлөр берүү, инструкция берүү.

ИНСТРУКЦИЯЛОО инструкцияла этишинин кыймыл атоочу.

ИНСТРУМЕНТ *зат.* 1. Кандайдыр бир жумушту жасоо үчүн колдонулуучу аспап, шайман, курал.

2. *муз.* Белгилүү бир тембрдеги музыкалык үндү чыгаруу үчүн колдонулуучу аспап, музыкалык курал.

ИНТЕЛЛЕКТ *зат.* Кишинин ойлоо жөндөмдүүлүгү, акыл-эс, акыл-эсинин өнүгүү деңгээли.

ИНТЕЛЛИГЕНТ *зат.* Окуган, маданияттуу адам, акыл эмгегинин адамы. *Кыргыздын эң алгачкы интеллигенттеринин даярдап чыгууда Фрунзе педтехникумунун роли абдан чоң* («Ала-Тоо»).

ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ *зат.* Профессиясы акыл эмгеги менен болгон, окуган, билимдүү адамдардан турган коомдун социалдык катмары жана ошол катмарга таандык адамдар. *Саноаган улуттук интеллигенция — мугалимдер, врачтар, агрономдор, инженерлер, художниктер, композиторлор, артисттер өсүп чыкты* («Коммунист»).

ИНТЕРВЕНТ *зат.* Интервенцияга катышуучу же интервенцияны уюштуруучу.

ИНТЕРВЕНЦИЯ *зат.* Бир же бир нече капиталисттик өлкөлөрдүн революциялык кыймылды тумчуктуруу, территориясын басып алуу, өз бийлигин орнотуу ж. б. максаттар менен экинчи бир өлкөнүн ички иштерине куралдуу күчтөр менен кийлигишиши.

ИНТЕРВЬЮ *зат.* Коомдук, саясий же башка иштердин журналист менен болгон басма сөздө жарыялануучу ангемеси.

ИНТЕРНАТ *зат.* 1. Окуу жайынын алдындагы окуучуларга арналган жатакана. *Интернаттын жатаканасын жана мастерскойду окуучулар өз күчтөрү менен бүткөрүштү* («Ленинчил жаш»).

2. Окуучулар тура турган жатаканалары бар жабык окуу жайы.

ИНТЕРНАЦИОНАЛ *зат.* 1. Эл аралык бирикме. *Жашасын үчүнчү интернационал* («Эркин Тоо»).

2. Эл аралык пролетардык гимндин, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын гимнинин аты.

ИНТЕРНАЦИОНАЛДУУЛУК *зат.* Интернационалдын таламын жактоочулук, көздөөчүлүк, анын ишине берилгендик. *Биздин искусствонун чыныгы элдиги, интернационалдуулугу, жогорку идеялуулугу, эбегейсиз көркөмдүүлүгү жана тез өркүндөшү аны даана жана асыл кылып көрсөтөт* (Аалы).

ИНТЕРНАЦИОНАЛДЫК *сын.* 1. Эл аралык.

2. Интернационализмдин принциптерине ылайык келген, интернационализм принциптеринин негизинде түзүлгөн. *Жаштарга интернационалдык тарбия берүү.*

ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ *зат.* Капиталисттик түзүлүшкө каршы жана коммунизмди куруу үчүн күрөштө пролетариаттын эл аралык тилектештиги; бардык элдердин эркиндигин жана тең укуктуулугун сактоо, алардын ортосундагы достук жана кызматташтык үчүн күрөш, шовинизмге жана улутчулдукка каршы күрөш. *Массаны интернационализмдин духунда тарбиялоо.*

ИНТЕРНАЦИОНАЛИСТ *зат.* Интернационализмди жактоочу, ошонун жолун жолдоочу.

ИНТОНАЦИЯ *зат. линг.* Сүйлөгөндө үндүн көтөрүңкү же басыңкы чыгып кубулушу.

ИНФОРМАТОР *зат.* Информация берүүчү, бир нерседен кабарландырып туруучу.

ИНФОРМАЦИЯ *зат.* Иштин абалы жөнүндөгү же кандайдыр бир нерсе жөнүндө билдирген кабар.

ИНФОРМАЦИЯЛЫК *сын.* Информацияга таандык. Информациялык билдирүү.

ИҢГЕН *зат.* Төөнүн ургаачысы. *Кылчаңдап улам боздосо, Иңгендин көркү тайлакта* (Жантөшев).

ИҢИР *зат.* Күүгүм кирип, көз байланып калган мезгил. *Күн да батты, канталатып булутту, Иңир кирди кара жоолук салынып* (Аалы). *Иңир кирип, айлана тегерек караңгылана баштады* (Абдукаримов).

ИППОДРОМ *зат.* Ат чабылуучу жай.

ИР I: ир алдында же ири алдында — баарыдан мурда, алды менен, эң мурун, а дегенде. *Мукай ир алдында өзү ылдамдап басты* (Таштемиров). *Ири алдында жүрүүчү эпкиндүүлүк арышың* (Турусбеков).

ИР II *этиш. сүйл.* Негизги этишке кошулуп айтылуучу «ий», «жибер» деген көмөкчү этиштердин маанисиндеги сөз. *Чаап ирди.*

ИРГЕ *этиш.* Талдоо, тандоо, ылгоо; ирдөө, ирдүүлөрүн бөлүп чыгаруу. *Тунук өстүң, жаман жолго кирбедиң, Акылдардын асылдарын ирегедиң* (Аалы). *Зарыл да пионерлерди баштап келип, кампада алма ирген жатат* (Сыдыкбеков).

ИРГЕЛ ирге этишинин түюк мамилеси.

ИРГЕТ ирге этишинин аркылуу мамилеси.

ИРГЕШ ирге этишинин кош мамилеси.

ИРГӨӨ ирге этишинин кыймыл атоочу.

ИРДЕ I ириде менен бирдей.

ИРДЕ II *этиш.* Иргөө, тандоо, ылгоо. ирилерин, чоң-чоңдорун бөлүп чыгаруу.

ИРДЕЛҮҮ *сын.* Тандалган, тандамал. *Ирделүү жигит, күлүк ат Элден жыйнап аламын* («Эр Табылды»).

ИРДЕН *этиш.* Чоңоюу; оңолуу, тыңуу; оокат-тиричилиги тыңуу, жакшыруу. *Элдин санаасы тынчып, жаңыдан эле ирденбедиби* («Ден соолук»). *Ирденсин деп силерди, Эч кайдан чалгын чалбадык* («Эр Табылды»). *Картошка айдап чарбасы ирденет* (Сыдыкбеков).

ИРДЕНТ ирден этишинин аркылуу мамилеси.

ИРДЕНҮҮ ирден этишинин кыймыл атоочу.

ИРДЕТ ирде этишинин аркылуу мамилеси.

ИРДҮҮ *сын.* Ири, чоң. *Ирдүүлөрүн бөлүү.*

ИРЕГЕ *зат.* Босого, улага. *Жер карап Ашым отурду Иректин түбүнө* (Осмонкул).

◆ **Ирегесинде жүрүү** — бирөөнүн эшигинде жүрүп жан багуу. *Кызматын кылып, садагаң, Иректе жүрөйүн* (Жантөшев).

ИРЕГЕЛЕШ *сын.* Эшиктеш, жакын, коңшулаш. *Ирегелеш отуруп, Эреже бузган макулбу?!* (Осмонкул).

ИРЕНЖИ *этиш.* Көңүлү жийиркене түшүү, көңүл калуу, жактырбоо, айнуу. *Бул сөздү күтпөгөн Калыбек бир аз иренжий түштү* (Шимеев).

ИРЕНЖИТ иренжи этишинин аркылуу мамилеси.

ИРЕНЖҮҮ иренжи этишинин кыймыл атоочу.

ИРЕҢ *зат.* Өң, түс, ыраң. *Кайраттуу иреңи сур тартып, эки каштын ортосу жылма жылга* (Сыдыкбеков). *Арстандай сүрүн көргөндө, Ачылды гүлдөй иреңим* (Бөкөнбаев).

ИРЕҢДҮҮ *сын.* Өңдүү, түстүү. *Ал чакан бойлуу, буудай иреңдүү, чымыр жигит.*

ИРЕТ *зат.* 1. Кезек, катар. *Өз ирети менен Шамбет да Чаргынды тамашалап коёт* (Сыдыкбеков). *Иретке тур.*

2. Белгилүү бир тартип. *Айрысын колуна алып, чөптү иретке келтирип калды* (Байтемиров). *Камдуулар китеп, дептерлерин иретке келтирүүдө* (Бейшеналиев).

3. Мертебе, жолу. [*Аскар*] *уйпаланган чачтарын колу менен бир-эки ирет артына сылады* (Сыдыкбеков).

◆ **Ирети келбөө** — ыгы келбөө, оңтою келбөө.

ИРЕТСИЗ *сын.* Ирети жок, тартипсиз, баш аламан. *Иретсиз кармаган китеп, дептерлерин бет алды ыргытып, өзү төрдү көздөй оонап кетүүчү* (Сыдыкбеков).

ИРЕТТЕ *этиш.* Иретке, тартипке келтирүү. *Колхоз активдери соко-шаймандарын иреттеп, малдын туутуна камышышты* (Бейшеналиев). *Үй ичин иреттемиш болуп, көпкө чейин жатпады* (Убукеев).

ИРЕТТЕТ иретте этишинин аркылуу мамилеси.

ИРЕТТЕШ иретте этишинин кош мамилеси.

ИРЕТТӨӨ иретте этишинин кыймыл атоочу.

ИРЕТТҮҮ *сын.* Иретке келтирилген, тартипке салынган. *Үй ичи иреттүү.*

ИРИ I *сын.* Чоң, зор, ирдүү. *Колхоздордо жаңа совхоздордо ири мал чарбасы түзүлдү* («Коммунист»).

ИРИ II: ир I менен бирдей.

ИРИ III *этиш.* Ачып, бузулуп кетүү (мис., сүт), бузулуу. *Күндүн ысыгына чыдабай айран, сүттөр ирип жатты* (Сыдыкбеков).

ИРИДЕ *такт.* Эң мурун, алды менен, баарыдан мурда. *Шахтёрлор ириде Дашаның атын атап, кам көрүп калышат* (Сасыкбаев).

ИРИК *зат.* Бычылган үч жашар жана андан өткөн эркек кой. *Абдыраманов 617 ириктин ар бирөөн 71,8 килограмм салмак менен тапшырды* («Коммунист»).

ИРИЛЕН *этиш.* Ири болуу, биригип, мурдагыдан чоң болуу. *Ириленген колхоз.*

ИРИЛЕНТ ирилен этишинин аркылуу мамилеси.

ИРИЛЕНҮҮ ирилен этишинин кыймыл атоочу.

ИРИМ I *зат.* Суунун уюлгуп айлампа болуп аккан жери; суунун мелтилдеген терең жери. *Мына бул жердеги иримге кайырмак салалы* (Баялинов). *Көк ирим суу күрпүлдөгөн сай-сайдан* (Калык).

ИРИМ II: ичкени — ирим, жегени желим болуу *к.* **желим.**

ИРИМЧИК *зат.* Сүттүн иригенден кийинки коюлуп калган калдыгы, иригендей коюу бүрт-бүрт болгон зат.

ИРИМЧИЛ *сын.* Суунун иримдүү жерин жакшы көрүүчү. *Кары—ырымчыл, балык—иримчил* (макал).

ИРИҢ *зат.* Организмдин ткандарынын, өзгөчө бактериялардын таасири астында сезгенишинин натыйжасында, алардын арасында пайда болуучу жаман жыттуу, сарғыч жашыл түстөгү коюу суюктук. *Ириң менен кан кетти Ал жаралуу жолборстон* (Эр Төштүк»).

ИРИҢДЕ *этиш.* 1. Ириң пайда болуу. *Кулак түпкө чейин жетип ириңдесе, анда кыйын болот* (**«Ден соолук»**).

2. Чылпактоо, чылпак басуу (мис. көз). *Көзүнүн жээги ириңдеп, көкүрөгү кирилдеп* («Курманбек»). *Сай сөөгүң сыздап жүлүндөйт, Чылпактап көзүң ириңдейт* (Шүкүрбеков).

ИРИТ ири этишинин аркылуу мамилеси.

ИРИШ *этиш.* Кандайдыр бир иштин, спорттун ж. б. артынан түшүп, аралашып жүрүү, алек болуу. *Шахмат ойну менен ириши жүрөт.*

ИРИШҮҮ ириш этишинин кыймыл атоочу.

ИРКЕКТЕШ I. *сын.* Ортоктош, шериктеш, жардамдаш. *Ага деп айтып сырың ды, Ошого бол иркектеш* (Жантөшев).

ИРКЕКТЕШ II *этиш.* Шериктеш болуу, жардамдаш болуу. *Экөө иркектешип ар кимдин тамын согот* (Жантошев).

ИРКЕКТЕШҮҮ иркектеш этишинин кыймыл атоочу.

ИРМЕ *этиш.* 1. Көздү тез жуумп ачуу, кирпик кагуу. *Гүлайым көзүн тез-тез ирмеп, эшик жакты карады* (Абдукаримов).

2. Сермөө, кыймылга келтирүү. *Качканга жетет куткарбай, Канатын ирмеп сызганда* (Үмөталиев).

3. Сылоо, жалоо. *Коюу, баптуу кер мурутун тил менен ирмеп алды, кылдын даамын таткандай* (Аалы).

4. Тартуу, басуу. *Машааны ирмеди.*

ИРМЕЛ ирме этишинин туюк мамилеси.

ИРМЕТ ирме этишинин аркылуу мамилеси.

ИРМӨӨ ирме этишинин кыймыл атоочу.

ИРРИГАТОР *зат.* Ирригация боюнча адис, специалист.

ИРРИГАЦИЯ *зат.* Суусуз жерди сугаруу, суу жиберүү, суу менен камсыз кылуу иштери.

ИРРИГАЦИЯЛЫК *сын.* Ирригацияга таандык.

ИРҮҮ ир этишинин кыймыл атоочу.

ИРЭЭТ *туурасы:* **ирет.**

ИС *зат.* 1. Жыт. *Жыпар жыттуу Айланадан ис келгенин эстегин* (Токтомушев).

2. Углероддун чала күйгөнүнөн пайда болгон ууландыруучу газ. *Ис уруптур кепе тамдан, Арууке кыз өлүптүр* (Аалы).

ИСИРКЕК *зат.* Ыйлаактап, майда-майда болуп чыккан жара, ыйлаакча. *Жаш бала катуу тердегенден.. майда исирректер пайда болот да.. кычыша баштайт* («Ден соолук»).

ИСИРКЕКТЕН *этиш.* Исиркек чыгуу, исиркек пайда болуу. *Грипп менен ооруган.. адамдын эрдинде кээде исирккектенген учук чыга калат* («Ден соолук»).

ИСИРКЕКТЕНҮҮ исиркектен этишинин кыймыл атоочу.

ИСКЕ *этиш.* Жыттоо. *Жайлоонун желин искеймин* (Бейшеналиев).

ИСКЕК *зат.* Көбүнчө кашты тероого арналган кичинекей кыпчуур. *Сакал, мурут, чач койбой, Маңдайына каш койбой Искек менен тергиле* («Курманбек»).

ИСКЕКТЕ *этиш.* Искек менен теруу. *Адамды койдой кердирген, Искектеп чачын тердирген* (Барпы).

ИСКЕКТЕТ искекте этишинин аркылуу мамилеси.

ИСКЕКТӨӨ искекте этишинин кыймыл атоочу.

ИСКЕТ иске этишинин аркылуу мамилеси.

ИСКӨӨ иске этишинин кыймыл атоочу.

ИСКУССТВО *зат.* 1. Чындыкты көркөм образдарда чагылдырмачылык менен көрсөтүү; көркөм чагармачылык өнөрү; көркөм чагармачылыктын бир тармагы. *Советтик искусство — чыныгы элдик искусство. Искусство чыгармалары. Сүрөт искусствосу.*

2. Кылдаттык, чебердик, устаттык.

ИСЛАМ *зат.* VII кылымда араб пайгамбары Мухаммед негиз салган дин, мусулман дини.

ИТ *зат.* 1. Сүт эмүүчүлөрдүн тукумуна кирүүчү үй айбандарынын бири. *Үй турмушунда ит сакчылык, короочулук милдетти аткарат* (Сыдыкбеков). *Короочу иттердин анда-санда үрөнү болбосо, түн тынчтыкта* (Каимов).

2. Мүчөлдүн он биринчи жылынын аты.

3. Жаман көргөндүгүн билдиргенде, тилдегенде колдонулуучу сөз. *Култебер ит уялбай Жалыныш жашы төгүлдү* («Менирман»).

◆ **Ит мурун** — карагандын бир түрү. **Ит тартыш** — аркан тартышмай, аркан тартышкан оюн. **Ит арка** — ынтымаксыз, ыркы жок. [*Таякем*] *кечээ биздикине келип кетти*: «*Активдерибиз ит арка*», — *дейт* (Сыдыкбеков). **Итке минип калуу** — бардыгынан ажырап калуу, абдан жарды, томаяк болуп калуу. **Ит балдак** — чабак уруунун сууда, сүзүүнүн бир түрү. **Ит аяк** *к.* **аякII. Ит жыгылыш** — даана жыкпай, улам бир-бирин жыгуу; ким жыгылгандыгы ачык болбой калгандык.

ИТАБАР *такт.* Бир топ, бир далай, бир кыйла, көп. *Мамилесине итабар кубанып, ыраазы болду* (Сыдыкбеков).

ИТАТАЙ: итатайы тутулуу — кыжырлануу, жини келүү, кыжыры кайноо. [*Калканбай*].. *тиштерин кычырата чайнап итатайы тутулду* (Шүкүрбеков).

ИТАПКАН *такт.* Бир топ, бир кыйла, далай, көп. *Ээк алдында колхоз. Тиги тоора жакта чоң суу. Аралыгы итапкан эле ыраак* (Таштемиров).

ИТЕЙ *этиш.* Тепейген, кебетеси жаман, жепирейген, кунарсыз көрүнүштө болуу. *Көкө.. колтугундагы коросду итейген жаман уйкачанын караңгы бурчуна бекитип чыкты* (Касымбеков).

ИТЕЙҮҮ итей этишинин кыймыл атоочу.

ИТЕЛГИ *зат.* Жемин тээп түшүрүп алуучу алгыр куш. *Бардык куштун ичинен Ителги күчтүү балбаны* (Барпы).

ИТЕР *этиш. диал.* Түртүп жиберүү. *Чынар Токторду итере салат* (Бөкөнбаев).

ИТЕРҮҮ итер этишинин кыймыл атоочу.

ИТИЙ *зат.* Организмдеги минералдардын алмашуусунун бузулуу натыйжасында сөөк жана нерв системаларындагы өнүгүштүн бузулушу менен мүнөздөлүүчү балдардын оорусу, рахит. *А балдарынын көбү териси сөөгүнө жабышып, куу далы ийнеликтей чилмийип, итий деген ооруга жолугушчу* (Сыдыкбеков).

ИТИРЕЙ *этиш.* Илмийген, жүдөө, итейген көрүнүштө болуу. *Итирейген каракчы, арыкта суу ылай болуп калыптыр, дарыядан барып суу алып кел, —деди* (Турусбеков).

ИТИРЕЙҮҮ итирей этишинин кыймыл атоочу.

ИТИРЕҢДЕ *этиш.* Итиркейи келгендей кыжырлануу, үтүрөндөп кыжыры келүү. *—Жүр, сенин сакалыңды бир-бирден жулуш керек! — деп Айдараалы Кулбашка итиреңдеди* (Абдукаримов).

ИТИРЕҢДЕТ итиреңде этишинин аркылуу мамилеси.

ИТИРЕҢДӨӨ итиреңде этишинин кыймыл атоочу.

ИТИРКЕЙ: итиркейи келүү — бүткөн бою дүркүрөө, жагымсыз сезип дүүлүгүү, кыжыры келүү. *Төкүштүн буту мышыкка тийип итиркейи келип кетти* («Ден соолук»). *Анын бул ишке итиркейи келишине себеп бар* (Каралаев).

ИТКЕЛ *зат.* Эт кайнаганда сорпосуна чыккан көбүгү, чий көбүк.

ИЧ I *зат.* 1. Адамдардын, айбандардын ж. б. ичек-карды орношкон бөлүгү, курсагы. *Көзүң ооруса — колуңду тый, ичиң ооруса — тамагыңды тый* (макал).

2. Курулуштун, имараттын, көлөмдүү нерселердин ички бөлүгү, ички жагы, ички тарабы. *Тамдын ичи акталбаган* (Жантөшев). *Үй ичи жымжырт, электр күйүп турат* (Шүкүрбеков).

3. Көпчүлүктүн, токойдун ж. б. арасы. *Эл ичи чуру-чуу толкуду* (Бейшеналиев). *Жылтырайт бак ичинен айдын көзү, Узарган алда кайда көлөкөсү* (Шүкүрбеков). *Душмандын сыртында болгончо, ичинде бол* (макал).

4. Кийимдин астары, кийимдин өңүнүн экинчи жагы, сыртына карама-каршы жак.

5. Белгилүү бир убакыттын, мезгилдин аралыгы. *Кыш ичинде. Бир сааттын ичинде.*

◆ **Ич эт** *к.* **эт I. Ичи жылуу** — ийгүү, жакшы көрүү, ыраазы болуп калуу. **Ичи кең** — пейли кенен, кең пейил. **Ичи тар, пейли тар**—көрө албаган, кызганчаак. **Ичи бузук** — сыртынан билдирбеген, бирок бирөөгө карата жаман ойлуу, кулкмүнөзү жаман, бузук. **Ичи күйүү** — көрө албастык кылуу, ардыгуу. **Ичи бышуу**— бук болуу, капалануу, кайгы-капа чегүү. **Ич өткөк** *к.* **өткөк. Ич ачуу** — өкүнүп калуу; боору ооруу. *Бир күнү жарган бээсине Ээсинин ичи ачыды* (Тоголок Молдо). **Ичи эзилүү** — абдан жакшы көрүп кетүү. *Коштошкон айрыларда ысык жардай, Элжиреп ич эзилет, жүрөк туйлап* (Элебаев). **Ич күптү** *к.* **күптү. Ичи ооруу** — бир нерсеге жаны ачуу, аяп калуу. *Анын кеткенине ичиң ооруп калдыбы?* (сүйл.) **Ич-койнуна кирүү** — тез эле жакындашып, аралашып кетүү. *Жолой күндөн күнгө жылкычылардын ич-койнуна кирет* (Жантөшев).

ИЧ II *этиш.* 1. Суюктукту, суюк тамакты жутуу. *Жайлоодогу биз ичкен Байтал бээнин бал кымыз* (Осмонов). *Кымызды ким ичпесин, кызды ким сүйбөсүн* (макал).

2. Тамактануу. *Тамак ичтик.*

◆ **Ант ичүү** — ант кылуу.

ИЧЕ: иче-карын — ичеги-карын менен бирдей.

ИЧЕГИ *зат.* Адамдардын, айбандардын азык иштеп чыгаруу органдарындагы жумшак түтүкчө. *Козунун ичегисин сыдырып жаткан Бурма менен дагы бир келин акырын күлүштү* (Аалы).

◆ **Бир ичеги болуп** *же* **бир ичек болуп калуу** — тамакты аз ичүү, жакшы иче албоо. *Бир ичеги мал экен* («Курманбек»). **Ичегиси каарылуу** — курсагы абдан ачуу. **Ичеги-карын** — ичтен орун алган тамак сиңирүү мүчөлөрүнүн жалпы аты.

ИЧЕК ичеги менен бирдей.

◆ **Ичек-карын — ичеги-карын** менен бирдей.

ИЧЕКТҮҮ *сын.* 1. Ичегиси бар.

2. Ичегиден жасалган кылы бар. *Комузу бар колунда үч ичектүү, Өзү араң тураса да, сөзү күчтүү* (Үмөталиев).

ИЧИК *зат.* Кездеме тыштуу, көрпөсү, түгү ичине караган жылуу, калың сырт кийим. *Жашыл нооту тыштаткан түлкү ичик кийген, ак боз ат минген — Атабек* (Жантөшев).

ИЧИКИЙ *сын.* Үшүп кеткенде айтылуучу сөз. *Ичикий.. шаркыратма калтырапма!* (Мидин).

ИЧИМ: бир ичим — тамактын, суюктуктун бир жолу ичкендей же бир жолу жуткандай болжолдуу өлчөмү, чени.

ИЧИМДИК ичкилик менен бирдей.

ИЧИР ич этишинин аркылуу мамилеси.

ИЧИРКЕН *этиш.* Үшүгөндүктөн же муздак суу тийгендиктен адамдын бүткөн бою дүүлүгүү, чыйрыгуу. *Сууктан ичиркенген Акбар эки ийнин куушурду* (Убукеев). *Жаан суусу мойнуна тамса, ага арабакеч ичиркенип да койбойт* (Сыдыкбеков).

ИЧИРКЕНТ ичиркен этишинин аркылуу мамилеси.

ИЧИРКЕНҮҮ ичиркен этишинин кыймыл атоочу.

ИЧКЕ *сын.* 1. Ичкерген көрүнүштөгү, жоон эмес, субагайынан келген жоондун карама-каршысы.

2. Жоон чыкпаган, күркүрөп чыкпаган (үн жөнүндө). *Шахтёрлор Ашырдын ичке үнүн алда кайдан эле таанышчу* (Сасыкбаев).

ИЧКЕР *этиш.* Ичке болуу, ичке абалга келүү. *Моюнун кылдай ичкерип Сары оору мээнет дарт менен* (Токтогул).

ИЧКЕРЕШТИР *этиш.* Куурай, чырпык сыяктуу отундардын күйүп бүткөндөн кийинки бөлүктөрүн улам алга, ичке карай жылдырып туруу.

ИЧКЕРЕШТИРҮҮ ичкерештир этишинин кыймыл атоочу.

ИЧКЕРИ *такт.* Бир нерсенин ички жагы, ичи; ич жакка, илгери карай. *Ичкериде балбылдап күйгөн чоң лампанын айланасындагы кишилерди көрдү* («Эл акындары»). *Тор кашканы мамыга байлап ичкери кирди* («Ала-Тоо»).

ИЧКЕРТ *этиш.* 1. Ичкерештир менен бирдей. *Апын ар кимдин отун ичкертеда, курсагынын камын көрөт* (Осмоналиев).

2. **Ичкер** этишинин аркылуу мамилеси.

ИЧКЕРҮҮ ичкер этишинин кыймыл атоочу.

ИЧКИ *сын.* 1. Ич жагын караган. *Ички бети туктүү кездеме.*

2. Ич жактагы, төр жактагы. *Каныбектер ички үйгө киришти* (Жантөшев).

3. Ичтеги, жарыялана элек, көмүскө. *Эки курбу баш кошуп, Сүйлөшсө ички сыр кызык* (Токтогул). *Эми, элим, силерге ички пикиримди айтайын* («Курманбек»).

4. Өз ич арасына гана таандык, башкаларга, бөтөн тарапка тиешеси жок. *Ички саясат.*

ИЧКИЛИК *зат.* Арак-шарап, мас кылуучу ичимдиктер. *Жарашпайт экен ичкилик Айрыкча көк ала сакал карыга. (Шүкүрбеков).*

ИЧКИЧ *зат.* Аракеч, көп иче турган адам. *Жакының болсо ичкичтен, уялып элден өлөсүң* (Шүкүрбеков).

ИЧМЕ: кан ичмеси кармоо — өлтүргүсү келүү, кан төккүсү келүү. *Өрттөй көзү бек жайнап, Кан ичмеси чын кармап* («Манас»). **Май ичме** *к.* **май I.**

ИЧМЕЙ ичме менен бирдей.

ИЧМЕК *зат.* Тердиктин алдына салынуучу жумшак кийиз, тердиктин алдына салынуучу токулга. *40 ээр, ичмек, тердиги менен өткөрүшүбүз керек* (Сыдыкбеков).

ИЧТЕ *этиш.* Ич салуу, астарлоо. *Ичин суусар ичтетип, Тышын булум тыштатып* («Манас»).

ИЧТЕЛ ичте этишинин туюк мамилеси.

ИЧТЕТ ичте этишинин аркылуу мамилеси.

ИЧТЕШ I *сын.* Ички, ички көлөмү бирдей, ички көлөмдөрү бири-бирине барабар, сыйымдуулук бирдей. *Ичтеш табак. Ичтеш аяк.*

ИЧТЕШ II ичте этишинин кош мамилеси.

ИЧТӨӨ ичте этишинин кыймыл атоочу.

ИЧТҮҮ *сын.* Ичи чоң, ички көлөмдүү. *Ичтүү самовар. Ичтүү челек.*

ИЧҮҮ ич этишинин кыймыл атоочу.

ИШ *зат.* 1. Жумуш, күч жумшап иштелүүчү жумуш; чыгармачылык эмгек. *Жер жазуу иштери. Илимий иш.*

2. Кызмат, кызмат абалы. *Контора иши. Мекемедеги иш.*

3. Администрациялык, сот органдары тарабынан карала турган маселе, факт; сот процесси. *Иши сотто. Ошон үчүн Аскардын колунан чыккан иш сапаттуу да, тез да* (Сыдыкбеков). *Ишиңер илгери болсун, курбулар* (Абдумомунов). *Ашым калса да, ишим калбасын* (макал).

◆ **Иш таштоо** — забастовка. **Иши кылып** — эптеп-септеп.

ИШАРА ишарат менен бирдей.

ИШАРАТ *зат.* Белги берип жандоо, жандап-ымдап берилген белги. *Башка сөз сураба дегенсип, ишарат кылды* (Жантө-

шев). *Өтүп кете берсин дегендей кылып, жолдошторума ишарат бердим* (Жантөшев).

ИШЕМБИ *зат.* Бир жуманын алтынчы күнү.

ИШЕМБИЛИК *зат.* Коомдун, көпчүлүктүн пайдасына иштелген акысыз ыктыярдуу коллективдүү жумуш (алгачкы мезгилдерде ишемби күндөрүндө иштелген). *Ишембилик өткөрүү. Ишембиликке чыгуу. Ишембиликке катышуу.*

ИШЕН *этиш.* Белгилүү бир ишенимде болуу, ынануу. *Бул сөзгө Салык менен Курмадан башкалардын баары ишеништи* (Каимов).

ИШЕНДИР ишен этишинин аркылуу мамилеси.

ИШЕНДИРҮҮ ишендир этишинин кыймыл атоочу.

ИШЕНИМ *зат.* Ишенгендик, ишенген сезим, ишенүү сезими. *Ишенимди кыргыздар намыс менен актады* (Аалы). *Компартия ишенимин актаган, Республикам сен элимдин жылдызы* (Аалы). **Ишеним кат** — өзү үчүн кандайдыр бир нерсени алууга же өз наамынан аракет кылууга укугу бар экендигин, ишенгендигин күбөлөө иретинде башка бирөөгө берилүүчү документ.

ИШЕНИМДҮҮ *сын.* Ишеничтүү, ишенчиликтүү.

ИШЕНИЧ ишеним менен бирдей.

ИШЕНИЧТҮҮ ишенимдүү менен бирдей.

ИШЕНҮҮ ишен этишинин кыймыл атоочу.

ИШЕНЧИЛИК ишеним менен бирдей.

ИШЕНЧИЛИКТҮҮ ишенимдүү менен бирдей.

ИШЕНЧЭЭК *сын.* Бат ишенгич, айтканга ишене берген. *Ишенчээк киши.*

ИШКАНА *зат.* Өндүрүш мекемеси. *Экинчи ишкананын түтүнү бургуйт*(Сыдыкбеков).

ИШКЕР *сын.* Ишке жөндөмдүү, иштин жайын мыкты билген, уюштургуч, ишмер. *Шамбеттер ишкер болуп чыкканда, Чегирткени айылдан айдап салган* (Сыдыкбеков). *Ал өзү ишкер неме* (Каимов).

ИШМЕР *зат.* 1. Иштин жайын абдан мыкты билген адам, билгичтик менен иштеген, ишкер адам.

2. Коомдук иштин кандайдыр бир тармагында өзүн көрсөтө алган адам. *Коомдук ишмер. Көрүнүктүү ишмер.*

ИШМЕРЛИК *зат.* Ишке жөндөмдүүлүк; иш-аракеттери.

ИШТЕ *этиш.* Иш кылуу, эмгектенүү, жумуш жасоо, кызмат аткаруу. *Эки айга жакын чамалуу бардык күчүмдү урөп иштедим* (Таштемиров).

ИШТЕЛ иште этишинин туюк мамилеси.

ИШТЕРМАН *сын.* Ишкер, иштүү, иштей билген, иштегенди сүйгөн. *Кайраткер, чебер бул жигит, иштерман эрі элинин* (Маликов).

ИШТЕТ иште этишинин аркылуу мамилеси.

ИШТЕШ иште этишинин кош мамилеси.

ИШТӨӨ иште этишинин кыймыл атоочу.

ИШТҮҮ *сын.* Колунан иш келген, ишке устат, тикмечи. *Апам Калыйча колу иштүү адам боло турган* («Эл акындары»).

ИШЧИ *зат. сүйл.* Жумушчу, кызматчы. *Ишчилер шаңдуу безенип, Кездешти жер, суу, кен менен* (Аалы).

ИЮЛЬ *зат.* Календардык жылдын жетинчи айы.

ИЮНЬ *зат.* Календардык жылдын алтынчы айы.

Й

ЙОД *зат.* 1. Кара күрөң түстөгү химиялык элемент.

2. Ушул элементтин спирт кошулуп медицинада колдонулуучу эритмеси.

ЙОДДУУ *сын.* Йоду бар, составында йоду бар, йод кошулган.

К

КААДА *зат.* 1. Салт, үрп-адат. *Калың кыргыз журтунун Каадасын байкап көрөлү* («Манас»). *Кары билет кааданы, Карчыга билет сонону* (макал).

2. Адат, өнөкөт, көнүмүш. *Каадасынча жай сүйлөп, Мамырбай сөзүн улады* (Токобаев). *Кара ниет адамдын каадасы калбайт карганча* (Токтогул).

3. *өт.* Урмат, ардак, барк, шаан-шөкөт. *Каада менен жөнөттү, Урматтап калкы Жамбылды* (Осмонкул).

КААДАЛУУ *сын.* 1. Кадырлуу, сыйлуу, барктуу. *Темир үйгө каадалуу конок чакырды* (Сыдыкбеков).

2. Орундуу, олуттуу. *Динар каадалуу сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

3.Кадыресе, токтоо. *Абаз жүрүшкө эмнелер керек экенин каадалуу адамдай [атасына] айтып берди* (Таштемиров).

КААКЫМ *зат.* Сары гүлдүү, уругунун учунда үлпүлдөк сабакчасы бар өсүмдүк. *Жылпар береги аары коно калган каакымдан көзүн албай мостойду* (Сыдыкбеков).

КААЛА *этиш.* 1. Жактыруу, көңүлсүнүү, жакшы көрүү. [*Омор*].. *өзү каалап, мектеп багына күзөтчү болгон* (Сыдыкбеков).

2. Тилөө, самоо, эңсөө. *Ар ким бактылуу болууну каалайт* (Аалы).

КААЛГА *зат.* Короого, үйгө кирүүчү жердеги ачылып-жабылып туруучу жыгачтан же темирден жасалган эшик. *Кудаке сырттан кыйкырат: «Каалганы ачкын»,— деп* (Үсөнбаев). *Кан Манастын ордосу Жыйын курчу ак сарай, Каалгасы сом калай* («Манас»).

КААЛГУУ каалгы этишинин кыймыл атоочу.

ҚААЛГЫ *этиш.* 1. Үргүлөө, жарым уйкуда болуу. *Каалгып уктап отурат. Жайлоого көчүп баратканда жүктүү төөнүн үстүндө... каалгып отуруп Токтогул көчтүн кайсы жол менен кеткенин байкаган жок* (Аалы).

2. Өтө жай басуу, өтө жай кыймылдоо. *Сары ала өгүз каалгып, бир калыпта көнгөн басыгынан танбады* (Бейшеналиев).

3. Өтө жай ыргалуу, термелиңки абалда болуу. [*Динар*].. *карагайдын.. каалгыган учунан көзүн албай карап турду* (Сыдыкбеков).

ҚААЛГЫТ каалгы этишинин аркылуу мамилеси.

ҚААЛОО каала этишинин кыймыл атоочу.

ҚААМЫТ *зат.* Атты арабага, чанага ж. б. чеккенде мойнуна кийгизүүчү, жыгачтан жасалып, сыртын кийиз жана кайыш менен каптаган шайман. *Аттын мойнун каамыт өйкөп коюптурбу?* (Байтемиров).

ҚААМЫТТА *этиш.* Мойнуна каамыт кийгизүү. *Аттарды каамыттап, арабага чек.*

ҚААП I *зат.* Каар, азап, кордук, кыйынчылык. *Ачарчылыктын каабына учураган качкын кыргыздарга өкмөт үй мүлк берип, тундуруп салыптыр.* (Сасыкбаев).

ҚААП II кап II менен бирдей.

ҚААПЫР капыр менен бирдей

ҚААР *зат.* 1. Ачуу, сурдангандык. *Каар салып бакырды, Кайнатасы Элеман* („*Эр Төштүк*"). *Каары келип айкырып, Карт жолборстой бакырып* („*Эр Табылды*»).

2. Азап, кордук, кыйынчылык. *Жетимчиликтин чыныгы каарын тартышат* (Тоголок Молдо).

3. Сүр, айбат. *Тилиңде балың бар экен, Көзүңдө каарың бар экен* («Эр Табылды»).

ҚААРДАН *.этиш.* Абдан ачууланууу, каарын төгүү.

ҚААРДАНТ каардан этишинин аркылуу мамилеси.

ҚААРДАНУУ каардан этишинин кыймыл атоочу.

ҚААРДУУ *сын.* 1. Ачуулуу. *Айдарбек датка басыңкы үн менен каардуу айтты* (Жантөшев). *Жездеси Капсалаң каардуу адам* (Бейшеналиев).

2. Ырайымсыз, азаптуу. *Каардуу согуш бүткөнчө Турамын анттуу сөзүмдө* (Осмонкул).

3. Ызгардуу, суук. *Коңур салкын күз өттү, Каардуу кыш да тез жетти* (Осмонкул). *Быйыл кыш каардуу болду* (Сыдыкбеков).

ҚААРЛУУ каардуу менен бирдей.

ҚААРМАН *зат.* 1. Баатыр, эр, кайраттуу. *Биз каарман майышпаган, Душмандардан качпаган* (Осмонкул). *Ким каарман, ким коркок, Чуу чыкканда көрөбүз* («Эр Табылды»).

2. Көркөм адабияттын персонажы. *Повесттин башкы каарманы — Жапар.. согушта жарадар болуп, өз айлына кайтат* («Кыргыз совет адабияты»).

ҚААРМАНДЫК *зат.* Баатырдык, эрдик. *Айыл чарба кызматкерлеринин эмгектеги зор каармандыгын өзгөчө белгилөө керек* («Советтик Кыргызстан»).

ҚААРУУ каары этишинин кыймыл атоочу.

ҚААРУЧУ *зат.* Колго чыгуучу жаранын бир түрү. *Колуна кааручу чыгыптыр.*

ҚААРЫ *этиш.* 1. Абдан ысык темирди басып күйгүзүү, куйкалоо.

2. Тызылдатып абдан үшүтүү же ысытуу. *Ызгаардуу шамал.. бетти каарып, борошо көз ачырбай турду* (Абдукаримов). *Июнь айынын ысык күнү бетти, колду каарып, денени чымыратты* (САЖИ). *Азиянын мээ кайнаткан ысык аптабы жан-жаныбарлардын денесин каарып, куйкалайт* (Бектенов).

3. *өт.* Жемелөө, жекирүү. *Каарып-кууруп ар кимди, Айылга жек көрүнөт* (Жантөшев).

ҚААРЫЛ каары этишинин өздүк мамилеси.

◆ **Ичи каарылуу**— өтө ачка болуу, кезерүү. *Эчтеме ичпей ичиңер каарылып кетти го?* (Каныбек).

ҚААРЫТ каары этишинин аркылуу мамилеси.

ҚААРЫШ каары этишинин кош мамилеси.

ҚААТ *сын.* Кыйын, катуу. *Өгүзүн сойду кемпир - чал.. «Итке сүйрөп салбайлык, Каат болсо кышы» деп* (Тоголок Молдо).

ҚААТЧЫЛЫҚ *зат.* Жокчулук, ачарчылык, жутчулук. *Каатчылык жоголду, Азыр заман оңолду* («САЖИ»).

ҚАБААГАН кабаган менен бирдей.

ҚАБАНААҚ кабанак менен бирдей.

ҚАБАГАН *сын.* Каап ала турган, кабанак. *Кабаган дөбөттөр акынды этектеп алышат* (Бөкөнбаев).

ҚАБАҚ I *зат.* Көздүн үстү, көздүн чарасынын үстү. *Сергейдин чачтары кабагына түшүп, сеңселе берет* (Сыдыкбеков). *Қырдач мурун, жар кабак* («Эр Табылды»).

◆ **Қабагы ачык** *же* **кабагы жарык** — көңүлү ачык, көңүлү көтөрүңкү, кубанычтуу, жайдары. *Балакетиңди алайын, жылдызым, уктап жатса да, кабагы жарык* (Сыдыкбеков). **Қабагы бүркөө** *же* **кабагы салыңкы** — капалуу, көңүлү ачык эмес кайгылуу, кейиштүү. **Кабак түйүү** *к.* **түй. Кабак чытуу** *к.* **чыты. Кабак-кашым дебөө** — кейибөө,кайгырбоо,кенебөө, убайым тартпоо, капаланбоо. [*Даша*].. *оор жумушту кабагым-кашым дебей аткарат* (Сасыкбаев). *Канчалык кайгы басса да, Кабагым-кашым дебеген* (Бөкөнбаев). **Кабак-кашына карбо** — мүнөзүнө, кыялына, көңүлүнө кароо. *Сиздин кабак-кашыңызга карап эшигиңизде кызмат кылып жүрө албайм* (Жантөшев). **Жар кабак** — кабагы бийик. *Жалаяк ооз, жар кабак, Жалдуу Төштүк уулум бар* («Эр Төштүк»). **Кабагына кар жааган** — ачуулуу, сурданган, түнөргөн.

ҚАБАҚ II *зат.* Суунун, сайдын, ойдуң жердин жардуу жээги. *Четин, арча, карагайдын куулары, Кабагында каршы-терши сулаган* (Қалык).

ҚАБАҚ III *зат.* Сабактары чубалып жерге жатып өсүүчү ири мөмөлүү огород өсүмдүгү жана ошол өсүмдүктүн сүйрү же тоголок келген чоң-чоң мөмөсү.

◆ **Суу кабак**— ичиндеги уруктарын алып таштагандан кийин идиш катарында колдонулуучу бакча өсүмдүгү.

ҚАБАНАК *сын.* Каап алуучу, кабаган.

ҚАБАР I *зат.* 1. Бир окуя, иш ж. б. жөнүндө айтылган же жазылган билдирүү, маалымат. *Нурматка Култай ооруп жатат деп кабар бергиле* (Абдукаримов). *Радионун кабарына караганда келе жаткан жума жаан-чачындуу болот экен* (Каимов). *Ал жазбаган кабар жоктур* (Аалы).

2. Дайын, дарек. *Мындан кеткенине бир жыл алты ай болсо да, Алымдан кабар жок* (Жантөшев). *Алыстан келер коноктун Кабарын укпай күтүнбө* (Токтогул).

ҚАБАР II *этиш.* Ачуулануу, каарденуу, кыжырлануу. *Каарданып дүпүлдөп, Кабарып төрөң турганы* («Манас»).

ҚАБАР III *этиш.* Шишүү. *Какаңактап, канталап, Кабармактан кабаргын* (Үмөталиев). *Бети-башы кабарып.. онтолоп жатат* (Айтматов).

ҚАБАРДА *этиш.* Бир нерсенин дарегин, дайынын айтуу, билдирүү. *Бир-бир баштан баяндап, Билдирип өтөм кабардап* (Тоголок Молдо).

ҚАБАРДАН кабарда этишинин туюк мамилеси.

ҚАБАРДАНТ кабардан этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАБАРДАР *сын.* Бир нерсенин дарегин, дайнын, кабарын, эмне болгонун билген. *Хан Шырдакта не сөз бар, Кабардар болгун соңуна* (Тоголок Молдо).

ҚАБАРДАШ I *сын.* Болгон, болуп жаткан иш же окуядан, жаңылыктардан маалыматы бар, кабары бар, кабардар. *Керим күндөлүк болуп жаткан жаңылыктар менен кабардаш.*

ҚАБАРДАШ II *этиш.* Бир нерсенин дайнын, дарегин экинчи бирөөгө же бирибирине билгизүү. *Мындан ары да кабардашып туралы.*

ҚАБАРЛА кабарда менен бирдей.

ҚАБАРСЫЗ *сын.* Дайынсыз, дарексиз, кабары жок. *Анархан болсо ал жөнүндө кабарсыз* (Жантөшев).

ҚАБАРТ кабар этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАБАРЧЫ *зат.* 1. Кабарлоочу, кабар берүүчү киши. *Кабарчы жетип кеп айтып, Калың кыпчак көп элге Олжобай келет деп айтып* (Үсөнбаев). *Кулжыгач айткан кабарчы Кыпчактын барды элине* (Үсөнбаев).

2. Газетага же журналга жер-жерлерден кабар берип туруучу адам.

ҚАБАРЧЫКТА *этиш.* Ачуулануу, кыжырлануу, ызырынуу, ызасы келүү. *Калтырап ызырындың кабарчыктап, Таң болдум пикириңди түшүнө албай* (Абдыраманов). *Мурда эле кабарчыктап араң турган байкуш: «Буу-у-у!» — деп озондоп жиберди* (Касымбеков).

ҚАБАРЫҢКЫ *сын.* 1. Бир аз шишиңки, шишимек.

2. Түнөрүңкү. *Кабарыңкы тартып, бүркөлүп турган күн кардап жатат* (Сасыкбаев).

ҚАБАТ *зат.* 1. Катар, кат-кат, этаж. *Көк тиреген кабат-кабат, Көркөм үйлөр салынган* (Бөкөнбаев).

2. Көп, арбын, мол. *Калыңга кабат мал алып, Кадимден бери көнөгөн бай* (Тоголок Молдо). *Оюлтуп ороо казганым, Олжону кабат тапканым* (Тоголок Молдо). *Күчү кабат толду эми, Күрөшөр кези болду эми* («Эр Табылды»).

◆ **Қош кабат** *к.* **кош II.**

ҚАБАТТА *этиш.* Каттоо, кат-кат кылуу, бир нерсени үстү-үстүнө коюу, жыюу ж. б. [*Керез*].. *бешилик менен чөптү кабаттай сайып, тез-тез ыргытат* (Бейшеналиев).

ҚАБАТТАЛ кабатта этишинин туюк мамилеси.

ҚАБАТТАН кабатта этишинин өздүк мамилеси.

ҚАБАТТОО кабатта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАБАТЫР *зат.* Чочулагандык, ыңтайсызданган абал. *Балаңдан кабатыр болбо.*

ҚАБЕЛТЕҢ *сын.* Бакыбат, күчтүү, кубаттуу. *Жумушка кабелтең, тил алгыч болуп өстү* (Бөкөнбаев). *Акматтын колун кабелтең колу менен куушура кармап койду* (Жантөшев).

ҚАБЕЛЬ *зат.* Электр энергиясын берүүдө, сигналдаштырууда ж. б. колдонула турган же суу астында жүргүзүлүүчү өзгөчө электр сымы.

ҚАБИНА *зат.* Атайын максаттарда жасалган анча чоң эмес жабык жай. *Урматты кабинага отургузуп алып, көлдүк учундагы айылды бет алып жөнөп калдык* («Жаш ленинчи»).

ҚАБИНЕТ *зат.* 1. Мекемелердеги кызмат иштей турган бөлмө. [*Арзыматов*].. *келип кабинетин жарык кылды* (Убукеев). [*Акбар*].. *секретардын кабинетин карай бет алды* (Убукеев).

2. Тийиштүү курал, аспаптар ж. б. менен жабдылып, белгилүү адистик боюнча иш жүргүзүүгө ылайыкталган бөлмө. [*Мектепте*].. *жакшы жабдылган физикалык, биологиялык кабинеттер бар* («Жаш ленинчи»). *Тиш дарылоочу кабинет.*

ҚАБУУ I кап этишинин кыймыл атоочу.

ҚАБУУ II кабы этишинин кыймыл атоочу.

ҚАБЫ *этиш.* Ичине кебез, жүн салынган сырт кийимдерди, жууркан-төшөктөрдү көктөп тигүү. *Кемпир көптөн бери тигүү фабрикасында төшөк кабып иштөөчү* (Касымбеков). [*Сабырдын*].. *устүнө кийгени жүн салып кабыган жылуу күрмө, шым* (Сыдыкбеков).

ҚАБЫҚ I *зат.* Нерсенин сыртын каптап турган бөлүгү, катмары. *Жаңгак бышып, кабыктары жарылып, Араң-араң кармап турат сабагы* (Борбугулов). *Жумуртканын кабыгы.*

◆ **Қызыл кабык** — тоого чыгуучу жапайы пияз.

ҚАБЫҚ II *зат.* Жууркан, төшөктүн же ичине кебез, жүн салынган сырт кийимдердин кабылып тигилиши. *Жууркандын кабыгы.*

ҚАБЫЛ I *зат.* Макулдук, туура деп табуучулук. *Бирок дагы эпкиндүүлөр элинде Минтүүнү мен эч бир кабыл көрбөймүн* (Турусбеков).

◆ **Қабыл алуу** — 1) жактыруу, макул болуу. *Активдер Мукаштын сунушун бир добуштан кабыл алышты* (Сыдыкбеков); 2) күтүп алуу. *Баркалбас дабыш берип үстүн кагат, Күлбөс кыз жылуу-жумшак кабыл алат* (Осмонов). *Кечээ күнү жогортодон келген өкүл катарында кабыл алган экен* (Убукеев); 3) өткөрүп алуу. *Көмүр кабыл алчу бункерде иштегендердин кейпин эмнеге теңериңди билчү эмессиң* (Сасыкбаев). **Қабыл болуу** — тилеги, максаты, самаганы орундалуу, ишке ашуу. *Кайгыдартым күбүлүп, Кабыл болду тилегим* (Токтогул).

ҚАБЫЛ II *этиш.* 1. Жолугуу, учурап калуу, туш келүү, кез келип калуу. *Келсе душман баатыр элге кабылат* (Акаев). *Көпчүлүккө кабылып, Колго түшүп калбаңар* («Эр Табылды»).

2. Түшүү, кармалуу, чабылуу. *Түлкүлөрү капканына кабылган* (Маликов).

ҚАБЫЛАН *зат.* 1. Жолборс, илбирс, арстан сыяктуу жырткыч айбандардын жалпы аты.

2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк, каарман, кайраттуу, тайманбас (көбүнчө эпостук чыгармаларда). *Кабылан Манас баатырга Катылам деп булар да Канчасынан айрылган* («Манас»).

ҚАБЫЛДА I *этиш.* Макул болуу, макул табуу, жактыруу.

ҚАБЫЛДА II *этиш.* Жара, шишик күчөп, ырбап кетүү. *Кабылдап калган кези экен Баатырдын айбалта тийген жарасы* («Манас»). *Кабылдаган жараны Кайра таңып салды эми* («Эр Табылды»).

ҚАБЫЛДАТ кабылда этиштеринин аркылуу мамилеси.

ҚАБЫЛДОО кабылда этиштеринин кыймыл атоочу.

ҚАБЫЛТ кабыл этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАБЫЛУУ кабыл этишинин кыймыл атоочу.

ҚАБЫР I. *зат.* Көр, мүрзө; өлгөн адам коюлган жер.

ҚАБЫР II *этиш.* Көбүнчө жука металлдан жасалган нерселерди ичин көздөй майтаруу, басуу, капшыруу.

ҚАБЫРГА *зат.* Бир башы арка омурткаларга туташып, экинчи башы төш сөөгүнө бириккен, иймегирээк ичке сөөк. *Сол жаккы кабыргамдын сынгандыгы доктордор тарабынан аныкталды* (Жантөшев).

◆ **Жетим кабырга** — кабыргалардын эң башындагы астыңкы учу төш сөөгүнүн башына, арткы учу жетим аркага бириккен кыска эки кабырга. *Жетим кабыргам сынып, төбөм айрылгандыгы докторлор тарабынан маалым болду* (Жантөшев). **Қабыргасына батуу** — жанга батуу, кыйын абалга туш келүү, оор сезүү. **Қабыргасы кайышуу** — жаны ачуу, жаны кейүү, абдан кейүү. **Қабыргасынан қагынуу** — өпкөсүнө суук тийип, сезгенип ооруу. **Қабыргага кеңешүү** *к.* **кеңеш II.**

ҚАБЫРГАЛА *этиш.* 1. Капталдан, кабыргадан кармалоо. *Қабырғалап чымчышуу.*

2. *өт.* Капталдан кирүү, туурадан чыгуу, демитүү.

ҚАБЫРГАЛАШ *такт.* Коңшу, бири-бирине жакын, кошуна. *Қабырғалаш турчу элек, Қара калмак эл кайда* («Манас»).

ҚАБЫРГАЛУУ *сын.* 1. Кабырга сөөктөрү өскүлөң, чоң.

2. *өт.* Семиз, эттүү.

ҚАБЫРУУ кабыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚАБЫРЧЫҚ *зат.* Жука, катуу кабыкча. *Нымшыган [Алымкулдун] этине буудайдын кылканы, жука кабырчыктары.. жабышкан* (Абдукаримов).

ҚАБЫРЫЛ 1. кабыр этишинин туюк мамилеси.

2. *өт.* Абдан ачка болуу, өтө кыйналуу. *Ал ачыгып кабырылган* (Шимеев).

ҚАБЫРЫҢҚЫ *сын.* Ичин көздөй кичине майтарылган, кабырылган, капшырылган.

ҚАБЫШ I: қол кабыш *к.* **қол.**

ҚАБЫШ II *этиш.* 1. Бирин-бири кабуу (мис., ит). *Карышкырдын улуганы, бирин-бири кабышканы жакындады* (Жантөшев).

2. *өт.* Ұрушуу, чатакташуу, тилдешүү. *Алышкан итче кабышпай, Аман-эсен кайталык* (Токтогул).

ҚАБЫШ III *этиш.* Қабырылуу, эки жагынан тең кабырылып, биригип калуу.

ҚАБЫШ IV кабы этишинин кош мамилеси.

ҚАБЫШТЫР кабыш этиштеринин аркылуу мамилеси.

ҚАВАЛЕРИСТ *зат.* Атчан аскер.

ҚАВАЛЕРИЯ *зат.* Аттуу аскерлер, атчандар.

ҚАГАЖЫТ *этиш.* Қагуу, четтетүү, кагып-силкүү. *Капсаландын суз, какаардап кагажыткан сөздөрүн үгүп, Керез жалтайлады* (Бейшеналиев).

ҚАГАЗ *зат.* 1. Жыгачтын, чүпүрөктүн ж. б. массасынан даярдалып, жазууга, басмада колдонууга, бетине сүрөт тартууга арналган материал.

2. Жазылган ар кандай документ, кат ж. б. *Кагаз жазып бериңиз! Кагазың келсе жазылып, Кабагым ачып сүйүнөм* (Акаев). *[Назаров].. колуна берген кагазды кадала карап окуду* (Убукеев).

3. Пачка, тоголок. *[Куржундун] Бир көзүнөн эки кагаз чай, бир канча өрүк, мейиз, кант чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Суу кагаз**—сыяны өзүнө тартып алуучу кагаз; сыя соргуч, баскыч кагаз. *Тез суу кагаз басып, сыяны ичирди* (Сыдыкбеков). **Кара кагаз** — *сүйл.* өлгөндүгү жөнүндө билдирүү кагазы. *Касымдын кара кагазы жарым ай мурда колхозго келген экен* (Айтматов). *Ал эми кара кагаз келгенде, аскерге кеткендерден ажырап бир күндө айылдын эки-үч жеринен өкүрүк, ыйчыгып жатты* (Айтматов).

КАГЕЛЕС *сын.* Арык чырай, семиз эмес. [*Капитан*].. *көзү ойногон, кагелес, сары чийкил киши* (Жантөшев). *Өзү кагелес, кыргый көздүү, ак жүздүү кыз* (Жантөшев).

КАГУУ как этишинин кыймыл атоочу.

КАГЫЛ 1. как этишинин түюк мамилеси.

2. Четтетилүү, алыстатылуу. *Эпкиндүү эмгек күч алды, Жалкоолор четке кагылып* (Бөкөнбаев).

3. *өт.* Такшалуу, тажрыйбалуу болуу. *Менден көрө кагылган Өзүң берчи кеңешти* (Жантөшев). *Көптү көрдүк, кагылдык* (Элебаев).

КАГЫЛАЙЫН *сырд.* Жакшы көрүү, эркелетүү иретинде колдонулат. *Кагылайын туган жер, Кандай сүйкүм кебетең* (Үмөталиев). *Кагылайын каралдым, кайгырбачы, кубанчы* (Жантөшев).

КАГЫЛУУ кагыл этишинин кыймыл атоочу.

КАГЫЛЫШ I *зат.* Беттешкен кармаш, бет келишкен уруш, чабыш, чатак. *Кагылышта кан өлөт* (макал).

КАГЫЛЫШ II *этиш.* Бири-бирине урунуу, бири-бири менен беттешүү, урушуу, чатакташып калуу.

КАГЫЛЫШУУ кагылыш этишинин кыймыл атоочу.

КАГЫН I *зат.* Суук тийүүдөн болгон өпкө оорусу.

КАГЫН II как этишинин өздүк мамилеси (4-,5-,7-маанисинде).

◆ **Кагынып-силкинүү** *же* **кагынып-сөгүнүү**— кыртышы сүйбөгөн сөздөрдү айтуу, ачууланууу.

КАГЫНДЫ кагынчык менен бирдей.

КАГЫНЧЫК *зат.* Каптын, баштыктын түбүндө калган калдык (көбүнчө ун, талканга карата). *Ала каптын кагынчык Аңдыгандын жаны чык* (Тоголок Молдо).

КАГЫРА *этиш.* 1. Абдан кургоо, кургап калуу, кууроо (мис., отун).

2. Суусуз болуп калуу, кургаган жалаң шагыраган ташы калуу (мис., сай).

КАГЫРАТ кагыра этишинин аркылуу мамилеси.

КАГЫШ 1. как этишинин кош мамилеси.

2. Урунушуу, сүзүшүү, кагылышып калуу. *Жай жүр! Машиналар кагышат* (Аалы). *Чаң артынан жарышып, Найзанын учу кагышып* («Эр Табылды»).

3. Урушуу, согушуу, чатакташуу. *Кагышарга эр таппай, Кармашарга шер таппай* («Эр Төштүк»). *Эки дөө кагышса, ортосунда кара чымын кырылат* (макал).

КАГЫШТЫР кагыш этишинин аркылуу мамилеси.

КАГЫШУУ кагыш этишинин кыймыл атоочу.

КАДА I *зат. диал.* Тиреөч, түркүк. *Көкө кадага сүйөнүп турган эле* (Касымбеков).

КАДА II *этиш.* 1. Бир нерсени илип тагуу, бекитүү. *Топчу када. Амандык карыя төрдө бычактын мойнун кадап отурган экен* (Убукеев).

2. Саюу, киргизүү, батыра уруу. *Канжар кадады.*

3. Чүкө атуу, ордо оюнунда кадамакты атуу. *Кадамакты кадады.*

◆ **Көзүн кадоо** *же* **көзүн кадап кароо**— тиктөө, тигиле кароо, көпкө чейин тиктей кароо.

КАДАК *зат.* 409,5 граммга барабар болгон салмак өлчөмү. *Муслимахун белиндеги оромолун чечип, үстүнө төрт нан жана эки кадак жүзүмдү койду* (Жантөшев).

КАДАКТА *этиш.* Кадак өлчөмү боюнча салмагын ченөө, таразага тартуу. *Жебе дебейм этиңди, Жей бер он беш кадактап* (Осмонов).

КАДАКТАТ кадакта этишинин аркылуу мамилеси.

КАДАКТОО кадакта этишинин кыймыл атоочу.

КАДАЛ 1. када этишинин түюк мамилеси.

2. Өчөшүп артынан түшүү, бирөөгө жабышуу, асылып алуу. «*Баркым кошуп айтпайт*» *деп, Бай-манап мага кадалды* (Токтогул). *Каарданып шордууга, Кастарын тигип кадалды* (Тоголок Молдо).

КАДАЛАН *этиш.* 1. Тиктөө, тигиле кароо, көпкө чейин тиктей кароо.

2. Такай артынан түшүү, асылып алуу, өчөгүшүп алуу.

КАДАЛАНУУ кадалан этишинин кыймыл атоочу.

КАДАМ *зат.* Адым, арыш. *Басып келип, Адылхан Үч кадамдай токтоду* (Жантөшев). *Кадам бассаң арыбас, Тушоо салды карылык* (Токтогул).

◆ **Биринчи кадам**— иштин алгачкы башталышы, башы.

КАДАМАК *зат.* Ордо ойнундагы айлана чийилген чийиндин жанына жакын турган чүкө. *Кадамакты кадашып, Оюн салып жатканда Ичке түштү зор Манас* («Манас»).

КАДАМАКЧЫ *зат.* Кадамакты жакшы кадоочу, ордодо кадамакты жакшы атуучу киши.

КАДАМДА *этиш.* Адымдоо, арыштоо, кадам шилтөө, илгерилөө. [*Ашым*].. *кадамдай баштады эле, мен артынан зэрчип алдым* («Ала-Тоо»).

КАДАМДОО кадамда этишинин кыймыл атоочу.

КАДАТ када этишинин аркылуу мамилеси.

КАДЕМ: кадеми катуу — алы, күчү кетүү, алсыроо, айласы кетүү, амалы куруу, оор абалда калуу. *Кадеми каткан момундар Качан жетет тынымга* (Тоголок Молдо). *Катыларга катылбай, Кадемим мындай катарбы-ай!* («Манас»).

КАДИК *зат.* Шек, күмөн. *Кадигиң эч болбосун асты менден* (Бөкөнбаев).

КАДИКСИЗ *сын.* 1. Шексиз, күмөнсүз. *Кайсы иште бет алса да, кадиксиз бүтүрөт* («САЖИ»).

2. Жаңылбас, адис, маш. *Кадиксиз мерген.*

КАДИКТҮҮ *сын.* Шектүү, күмөндүү. *Капилет жатып түш көрдүм, Кадиктүү жаман иш көрдүм* (Жантөшев).

КАДИМ *такт.* Куду, анык, нак. *Косеги кадим анардай, Койнунан жибек чубалган* (Осмонкул).

КАДИМДЕН *такт.* Мурунтан, эзелтен, баштатан. *Кадимден бери казатка Качырып киргеи элиң бар* (Бөкөнбаев). *Кадимден берки сыр найза Карыга баатыр илгени* («Манас»).

КАДИМКИ *сын.* Баштатан белгилүү, кадыресе, мурдатан маалым. *Орусбектин үнү кадимки күкүктүн үнүнчө алыстан угулду* (Сыдыкбеков). *Бул ыр кадимки Каныбек баатырдын ыры* (Жантөшев). *«Кадимки Током ырдайт» деп, Калайык туугаи эл мына* (Токтогул).

КАДИМКИДЕЙ *такт.* Баштагыдай, кадыресе, мурдагыдай. *Кадимкидей толкундап, Калыбына эл келди* (Осмонкул). *Председателдин иреңи кадимкидей эле сабырлуу* (Каимов).

КАДОО I *зат.* Мамы, мал байлоо үчүн жерге кагылган, орнотулган жыгач.

КАДОО II *зат.* Сынган же эки бөлөк нерсени бириктирүү, беттештирүү, кыноо үчүн кыстыргыч, бөрктөп, чегелеп бекитилген мык. *Кадоолорунда кызыл чаар көздөрү бар бычакты [чарыкчы] алып «хоп!» деп башын ийкеди* (Сасыкбаев). *Эки жеринде кадоосу бар табак. Боорунда кадоосу бар кара кеçе* («Ала-Тоо»).

◆**Кадоо баш** — мык жасай турган бир жагы тешик учтуу курал.

КАДОО III када этишинин кыймыл атоочу.

КАДООЛУУ *сын.* Кадоо салып бекитилген, кадалган кадоосу бар. *Кадоолуу табак.*

КАДР I *зат.* 1. Фотоплёнкага же киноплёнкага түшүрүлгөн айрым сүрөт.

2. Кинофильмдеги айрым бир эпизод же көрүнүш.

КАДР II *зат.* 1. Тынчтык мезгилинде да демобилизацияланбаган аскер бөлүктөрүнүн туруктуу составы.

2. Партиялык жана профсоюздук уюмдарда, ишканаларда, мекемелерде даярдалган кызматкерлердин негизги составы. *Жергиликтүү кадрлардын катарын чыңдагыла* (Сасыкбаев). *Биздин өлкөбүз инженер-техник кадрларын даярдоо боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеп турат* («Коммунист»).

◆**Кадрлар бөлүмү** — кызматкерлерди жана жумушчуларды кызматка, жумушка алуу, бошотуу ж. б. иштерди жүргүзүүчү ишкананын, мекеменин бөлүмү.

КАДУУ *зат.* Жан, боор, каптал, энкейиш жер. *Койлор кадууда жайылып жатат* (Жантөшев). *Кадуу-кадуу зоолордон Кайберендей басармын* (Осмонкул). *Кабылан досум Курманбек Кадуудан тоссоң көчүмдү* («Курманбек»).

КАДУУЛА *этиш.* Капталдоо, эңиштөө. *Карышкырлар капталдап же кадуулап баспастан, тике өйдө кетип баратат* (Жантөшев).

КАДЫР I *зат.* Барк, урмат, сый, авторитет. *Эр кадырын эл билет* (макал). *Көчкөн журттун кадыры коңгон журтта биликет* (макал). *Ач кадырын ток билбейт, оору кадырын соо билбейт* (макал).

◆**Кадыр түн** — *дин.* диний ишеним боюнча: орозо айынын 27 синде өтүүчү, касиеттүү түн. *Бейшембинин күнүндө жуманын кадыр түнүндө* («Манас»).

КАДЫР II: кадырың жам болсун — кам санабаңыз, убайым тартпаңыз деген мааниде колдонулат. *«Ырас, Токо, биз турганда кадырың жам болсун» деп, жөө турган абышка Токтогулга чакчасын сунду* (Бөкөнбаев).

КАДЫРДА *этиш.* Барктоо, урматтоо, сыйлоо, ардактоо. *Кадырдап баккан балдарын Казатка бүгүн жөнөтмөк* (Бөкөнбаев). *Жакшынын кебин кадырдайт* (Барпы).

КАДЫРДОО кадырда этишинин кыймыл атоочу.

КАДЫРДУУ *сын.* Барктуу, урматтуу, сыйлуу, ардактуу. *Алты ажынын кадырдуусу да, акылманы да,.. Шергазынын Шадыбеги* (Аалы). *Кайраты артык шер болот, Калкына пейли кең болот, Кадырдуу сөзү эм болот* (Барпы).

КАДЫРЕСЕ *сын.* Кадимки. *Аскар быйыл кадыресе кишидей токтоо* (Сыдыкбеков). *Жамал кадыресе кагылган кишиче сүйлөдү* (Жантөшев).

КАДЫРКЕЧ *сын.* Кадырман, асылкеч, ардактуу, урматтуу. *Кайта көрбөйт экенмин Кадыркеч курдаш теңимди* (Токтогул). *Кадыркеч алтын кеп жаздың, «Каналда жүрдүм» деп жаздың* (Маликов).

КАДЫРЛА кадырда менен бирдей.

КАДЫРЛУУ кадырдуу менен бирдей.

КАДЫРМАН *сын.* Кадыр-баркы бар, кадырдуу, ардактуу. *Сүлүктүдөгү.. кадырман адам Иса.. эле* (Сасыкбаев).

КАЕР *ат.* Кайсы жер.

КАЖА *этиш.* 1. Кемирүү. *Эчки кажап жок кылбасын Чырпыктардын коругун* (Бөкөнбаев). *Капкара атырыган эки качыр Ооздугун кажап келет батыр-батыр* (Аалы).

2. Өйкөө. *Газимдин кош колунда темир чынжыр, Буттарын кажап жатты кишен кысып* (Аалы).

3. *өт.* Жемелөө, тилдөө, кыйноо, какмалоо. *Каяша айткан адамдын канчасын мүжүп, кажаган* (Тоголок Молдо).

КАЖАЛ кажа этишинин туюк мамилеси.

КАЖАЛА *этиш.* Жалмалоо, кемирип мүлжүү.

КАЖАЛОО кажала этишинин кыймыл атоочу.

КАЖАН *этиш.* 1. **кажа** этишинин өздүк мамилеси.

2. Жан аябай катуу иштөө. *Картайганча кажанып, Кайрат менен мал таптың* (Токтогул).

КАЖАҢДА *этиш.* Калжаңдоо, кыйшалактоо, чалпоолонуу, чунаңдап тиштегилөө.

КАЖАҢДОО кажаңда этишинин кыймыл атоочу.

КАЖАР *зат.* Ал, күч, дем, кайрат. *Балдарыңдын жашын билбей, Эс акылдан танылсың. Кайда сенин кажар, күчүң, Аштан даагы калылсың* (Аалы).

КАЖАРЛУУ *сын.* Алдуу, күчтүү, демдүү, кайраттуу. *Сансыз кажарлуу колу менен Ажарды сыга кучактады* (Жантөшев). *Кыдык карыя канча кылса да, кажарлуу эмеспи, карыганына карабастан.. чакага ылай салып берип жатат* (Байтемиров).

КАЖАТ *зат.* Керек, зарылдык. *Кажаты бар иш. Азыр аларды кайталап санаштын эч кажаты жок* (Сыдыкбеков).

КАЖАШ 1. кажа этишинин кош мамилеси.

2. *өт.* Урушуу, чырлашуу, бири-бири менен айтышуу, айгышуу. *Булар эртеден бери эле бирин-бири кажашып жатышат.*

КАЖОО кажа этишинин кыймыл атоочу.

КАЖУУ кажы этишинин кыймыл атоочу.

КАЖЫ I *этиш.* 1. Эби-сынынан таюу, мурдагыдай болбой калуу (көбүнчө жыгачтан жасалган нерселер жөнүндө). *Кажып калган каалга.*

2. Чарчоо, чаалыгуу, алы кетүү. *Кажыбай май чыгарып иштегендер Дүйнөдө эмгектин бал даамын татат* (Маликов). *Токсондоп мүшкүл келсе да, Кайрат байлап кажыбай, Кабелтең буун белиңди* (Жантөшев).

КАЖЫ II: кажы-кужу *зат.* Туш-туштан тартипсиз сүйлөшкөн сөздөр, бириникин бири укпай чаржайыт чыккан дуулдак, уу-дуу, бака-шака. *Кажы-кужу сөздөрүнүн кайсы экенин ажыратуу кыйын* (Жантөшев).

КАЖЫБАС *сын.* Талыкпас, кебелбес, чыдамдуу. *Кажыбас күлүк буудансың, Калың топто элирген* (Токтогул). *Мына менин Жолдоштоорум кажыбас, Пролетардын тамчысынан куралган* (Аалы).

КАЖЫЛДА *этиш.* Кажы-кужу этүү, бажылдоо, катуу сүйлөө, катуу сүйлөп урушуу, айтышуу.

КАЖЫЛДАК *сын.* Кажылдап көп сүйлөгөн.

КАЖЫЛДАТ кажылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАЖЫЛДАШ кажылда этишинин кош мамилеси.

КАЖЫЛДОО кажылда этишинин кыймыл атоочу.

КАЖЫР *зат.* Жорунун бир түрү. *Ак кажыр. Көк кажыр.*

КАЗ I *зат.* Мойну узун, сууда сүзүүчү жапайы жана үй кушу. *Өрдөк, чүрөк, каз, куулар, Көлдүн бетин бербеген* (Тоголок Молдо).

◆ **Каз-катар** — катар-катар, кыркалекей. *Келиндер каз-катар тартышып жарыша күрөк сайышса.. кызгалдактай көз уялат* (Сыдыкбеков). **Каз таман** — жапайы чыгуучу жазы жалбырактуу чөп. *Сары байчечекей, каз таман, көк баш, жер буурчактардын гүлдөрүнүн күлпүнүп тургандарын карачы* (Бектенов). **Каз элечек** *к.* **элечек.**

КАЗ II: каз туруу *же* **каз-каз туруу** — жаңыдан турганга үйрөнүү, өз алдынча тура баштоо (балага карата).

КАЗ III *этиш.* Курал менен жерди чукуу, оодаруу, ачтаруу. *Кызылча казып, аарчышып, Кылышсаң боло жумушту* (Осмонкул). *Кең казалы арыгын, Бирден күрөк алгыла!* (Осмонов).

КАЗА I *зат.* Өлүм. *Сансыз оорусунан түзөлбөй, каза болду* (Жантөшев). *Онтоп оорубастан сопсоо туруп, Чолпон каза тапты* (Сыдыкбеков). *Жан бар жерде каза бар* (макал).

◆ **Намаздын казасы**—*дин.* намаздын убагында окулбай же кечиктирилип калышы.

КАЗА II *сын.* Калдайган, калдайып оролгон. *Башына чалып ак мата Чекчейтип каза селдени* (Токтогул).

КАЗАЛ *зат.* Ыр, лирикалык кыска ыр. *Эсимден кетпейт ар качан, Элге казал жайганың* (Тоголок Молдо). *Казал жазып берүүгө, Каламымды кармадым* (Тоголок Молдо).

КАЗАН *зат.* Ар түрдүү өлчөмдө металлдан жасалган тамак бышыруу же суу кайнатуу үчүн колдонулуучу идиш. *Ашың болсо, казан табылат* (макал). *Казанга жакын жүрсө, көөсү жугат* (макал).

◆ **Жан казан** — алыс жол жүргөндө алып жүрүүчү кичине казан. **Көмөч казан**— 1) нан бышырылуучу идиш; 2) ушундай идишке бышырылган нан. **Таш казан** — 1) таш кордо; 2) балдар оюнунун бир түрү. **Азан-казан** — бака-шака, опур-топур; абдан көп. *Айыл азан-казан түшүп козголду* (Бөкөнбаев). «*Акжалды минип Каныбек качты*» *деген сөз айыл арасын азан-казан түшүрдү* (Жантөшев). **Кара казан** — балдар оюнунун бир түрү.

КАЗАНА казына менен бирдей.

КАЗАНАК *зат.* Мүрзөнүн өлгөн адамды коё турган жерине чейинки казылган оюгу.

КАЗАНАТ *зат.* Чыдамдуу, колдо өскөн сыр билги ат, базардан сатып алынбаган, колдо өстүрүлгөн ат. *Нагыз тулпар казанат Казатка минсе арыбайт* (Жантөшев).

КАЗАНБАК *зат.* Казан сынбас үчүн көчкөндө каптап жаап коюучу чырпыктан согулуп жасалган кап, себет.

КАЗАНДА *этиш.* Көбөйүү, күргүчтөп көп болуу. *Турушат миллион эл казандаган* (Калык).

КАЗАНДАЙ *сын.* Чоң, абдан чоң. *Баары бирдей кара ала, Желиндери казандай* (Үмөталиев).

КАЗАНДАТ казанда этишинин аркылуу мамилеси.

КАЗАНДОО казанда этишинин кыймыл атоочу.

КАЗАНДУУ *сын.* Оокаттуу, тамак-аштуу, тамак-ашы кенен.

КАЗАНЧЫ *зат.* 1. Казан жасоочу адам. *Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса* (макал).

2. *өт.* Тамак-аш жасоочу адам. *Ачуу менен таттуунун Даамын таткан казанчы* (Тоголок Молдо).

КАЗАРМА *зат.* 1. Аскердик бөлүктөр туруучу атайын жай, үй. *Казарманын дарбазасынан ат ойнотуп отуздай атчан солдат чыга келди* (Жантөшев). *Ушул катты Оштогу казармага алып бар* (Жантөшев).

2. Революцияга чейин Россияда фабриканын, өндүрүштүн жумушчулары туруучу жайы.

КАЗАТ *зат.* 1. *дин.* Мусулмандардын башка диндеги элдерге каршы жүргүзүүчү ыйык согушу.

2. Кыралданып уюшулган түрдө уруулардын, мамлекеттердин ортосунда болуучу согуш, уруш. *Эр бүлөнүн көбү казатта* (Сыдыкбеков). *Уландар казатка аттанышты* (Сыдыкбеков).

КАЗГАЛДАК *зат.* Жапайы өрдөктүн бир түрү. *Казгалдак деген кайран куш, Кайрылбай учат талаа деп* («Семетей»).

КАЗГАНАКТА *этиш.* Жарданып, жапырт кырка туруу.

КАЗГАНАКТОО **казганакта** этишинин кыймыл атоочу.

КАЗДЫР **каз** этишинин аркылуу мамилеси.

КАЗЕЛ **казал** менен бирдей.

КАЗНА **казына** менен бирдей.

КАЗУУ **каз** этишинин кыймыл атоочу.

КАЗЫ I *зат.* Семиз жылкынын сүбөөсүнө жана кабыргаларына чейин өтүп бүткөн майы; семирип кеткен адамдын курсак майы. *Казы менен картага Тойгонуңду ырдадың* (Токтогул).

◆ **Казы байлоо** — семирүү, казы алуу, эттенүү. **Булут казы** — болор-болбос жукараак казы.

КАЗЫ II *зат.* Шарият жолу менен иш алып баруучу судья. *Күнөөсүн кечкин, казым!— деп, Кол куушуруп сурады* (Барпы).

КАЗЫК I *зат.* 1. Көбүнчө малды байлоо үчүн колдонулуп, жерге кагылуучу учтуу кыска темир же жыгач. *Бурма уюн казыкка байлап, саай баштады* (Каимов).

2. *өт.* Жөлөк, медер. *Аман-эсен бар бекен аркамда калган бир казык* (Токтогул).

КАЗЫЛ **каз** этишинин туюк мамилеси.

КАЗЫЛУУ *сын.* Казысы бар, семиз. *Атабек казылуу кабырганы кыртыштай кесип сугунууда* (Жантөшев).

КАЗЫНА *зат.* 1. Алтын-күмүш сыяктуу кымбат баалуу мүлк; байлык.

2. *сүйл.* Мамлекет. *Бул жер казынаныкы.*

3. *өт.* Зор байлык.

КАЗЫНАЛЫК *сын.* *сүйл.* Мамлекеттик, өкмөткө таандык. *Казыналык жай.*

КАЗЫНАЧЫ *зат.* Казынаны, кымбат баалуу мүлктү, байлыкты кармап турган адам. *Казыначы Бөлөкбай, Бөлөкбайга бара көр* (Бөкөнбаев).

КАЗЫНДЫ *зат.* Казылган жер, казып таштalган топурак.

КАЗЫР *туурасы:* **азыр.**

КАЗЫШ **каз** этишинин кош мамилеси.

КАЙБАТ *зат.* Ушак, айың. *Көзүнө айткандын кайбаты жок* (Баялинов). *Желдерден мурун желпинген, Кайбатты сүйгөн пенде бар* (Аалы).

КАЙБАТТА *этиш.* Ушак, айың айтуу, ушактоо. [*Курман*].. *бирөөнү кайбаттап майда сөздүү эмес* («Ала-Тоо»).

КАЙБАТТОО **кайбатта** этишинин кыймыл атоочу.

КАЙБЕРЕН *зат.* 1. *миф.* Кепшөөчү жапайы тоо айбандарынын (эчки-теке, элик, аркар ж. б.) колдоочусу. *Кайберен жардам болсун деп, Кучакташты эки дос* («Эр Табылды»).

2. Кийиктердин жалпы аты, наамы. *Капталдын куму эшилет, Кайберендин изиби* (Токтогул). *Аркар, кулжа, кайберен Аралап бийик кыядан* (Нуркамал).

КАЙГООЛ *зат.* *эс.* Чалгын, кароол. «*Каба өзүнүн уулу баштаган алты жигитти кайгоолго койду* («Ала-Тоо»).

КАЙГООЛДО *этиш.* Аңдуу, көзөмөлдөө, аңдып көзөмөлдөп бирөөнүн артынан түшүү. *Кара мүртөз кузгундар, Кайгоолдоп мени тооруду* (Жантөшев).

КАЙГООЛДОО **кайгоолдо** этишинин кыймыл атоочу.

КАЙГООЛДОТ **кайгоолдо** этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙГООЛДОШ **кайгоолдо** этишинин кош мамилеси.

КАЙГЫ *зат.* Капа, санаа, убайым. *Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы* (макал). *Кайгысы жок кара сууга семирет* (макал).

◆ **Асан кайгы** *к.* асан.

КАЙГЫЛАН *этиш.* Капалануу, кайгыруу, кейүү. *Кайгыланбай кайрат кыл* («Манас»).

КАЙГЫЛАНТ **кайгылан** этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙГЫЛАНУУ **кайгылан** этишинин кыймыл атоочу.

КАЙГЫЛУУ *сын.* Капалуу, убайымдуу, күйүттүү. *Капиталисттик өлкөдө Кайгылуу өсөт жаш балдар* (Нуркамал).

КАЙГЫР *этиш.* Капалануу, кайгылануу, кейүү. *Көрө турган окшоймун, Кайгырып калган журтумду* (Барпы). *Калың эл келип жабылып Кайгырып мени каращат* (Токтогул).

КАЙГЫРТ **кайгыр** этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙГЫРУУ **кайгыр** этишинин кыймыл атоочу.

КАЙГЫСЫЗ *сын.* Капасыз, убайымсыз, кайгы-капасы жок.

КАЙГЫЧЫЛ *сын.* Капалана берүүчү, кейикчээл, убайымчыл. *Кайгычыл киши.*

КАЙДА *ат.* Кайсы жерде, кайсы жайда, каякта. *Атаң кана, кайда иштейт?* (Сыдыкбеков). *Кезектеп айтып жатышты Душмандын кайда жатканын* (Жантөшев).

◆ **Алда кайда** *к.* алда II.

КАЙДАДЫР *ат.* Белгисиз бир жак, белгисиз бир жер, багыт. *Кээ бир адамдар кайдадыр шашып бара жаткансыйт* (Жантөшев).

КАЙДАН *ат.* Кайсы жерден, кайсы жайдан, кайсы жактан. — *Аке, кайдан, качан келдиңиз?* (Аалы). *Өзүндө тубар бээси жок, Эр Маман муну кайдан таап алган?* (Токтогул).

◆ **Алда кайдан** *к.* **алда II. Кайдан-жайдан** — кайсы жерден, кайсы жактан, кайдан. *Кайдан-жайдан экени маалымсыз.*

КАЙДИГЕР *сын.* 1. Жөнөкөй, кандайдыр бир кызыкчылыгы, тиешеси жок, жайынча. [*Жолой*].. *кайдигер адамча салам айтты* (Жантөшев).

2. Кош көңүл, көңүл кош, кызыгуусу жок, салкын. *Колхоз чарбасына кайдигер карайт окшобойбу* (Убукеев).

КАЙДИГЕРЛИК *зат.* Кош көңүлдүүлүк, көңүл коштук, кызыкпагандык. *Колхоз ишине кайдигерлик менен караган активдерге каршы күрөш жүргүзүү керек.*

КАЙКАЙ *этиш.* 1. Башты жогору көтөрүп, көкүрөгүн керип, белин кайкалатып жүрүү. *Көрмөксөн болуп кайкаят, Көчөдөн көрсө бул кезде* (Маликов). *Кайкайып киного жөнөдү* (Шүкүрбеков).

2. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, тепине албоо, көтөрүлүү.

КАЙКАК *сын.* Кайкы. [*Шахтада*] *таман-рельс чана сыяктуу кайкак болуу керек экен* (Сасыкбаев).

КАЙКАКТА *этиш.* Кайкая жүрүү, көкүрөгүн керип, чалкалай жүрүү. *Үзөңгүнү чирене тээп кайкактайт, Эңишчүдөй бөктөрүнүп чепкенди* (Аалы).

КАЙКАЛА *этиш.* 1. Чалкалоо, белин кайкалатуу. *Карымшактын бели ооруп чыдай албай кетти окшойт, кайкалап тура калып, үшкүрүп жиберди* (Байтемиров).

2. Мелмилдөө, көлөмү чоң болуп туруу, мелтирөө. *Караса көзүм кубанат, Кайкалап жаткан жеримди* (Бөкөнбаев).

3. Көйкөлүп, сеңселип туруу (эгин жөнүндө). *Кайкалап чыккан буудайдын* (Тоголок Молдо).

КАЙКАЛАТ кайкала этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙКАЛОО кайкала этишинин кыймыл атоочу.

КАЙКАҢ *зат.* Эки жагы бийик, орто жери ылдыйраак келген жер (тоо жөнүндө), кайкы. *Эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө* (Сыдыкбеков). *Бир аз баргандан кийин айрымачтай кайкаңга жетет* (Сыдыкбеков).

КАЙКАҢДА *этиш.* Белин кайкалатып жүрүү. *Кайкаңдап жүр.*

КАЙКАҢДАТ кайкаңда этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙКАҢДОО кайкаңда этишинин кыймыл атоочу.

КАЙКЫ I *сын.* 1. Орто жери ийилиңки, бир аз кайкайган. *Кайкы мурун.*

2. Эки жагы көтөрүңкү, орто жери ылдый (көбүнчө тоонун белине, жонго карата). *Ашуунун кайкы белинде, Ачакей таштын түбүндө* («Эр Табылды»).

КАЙКЫ II *этиш.* Кайып учуу, кайып өтүү, үстүнөн кайып кетүү. *Кайкып келип отурду, Сары ташка катмардап* (Бөкөнбаев).

◆ **Ойкуп-кайкуу**— бирде өөдө, бирде ылдый жер менен жүрүү (кыймыл-аракет жөнүндө). *Автомобиль кээде ойго, кээде кырга чыгып, бир эсе ойкуп-кайкып зыпылдап баратат* (Жантөшев).

КАЙКЫЙ кайкай менен бирдей.

КАЙМАК *зат.* 1. Сүттүн үстүнө чыгып коюлуп калуучу майлуу бөлүгү, катмары, сүттүн сепаратордон өткөрүп алынган майлуу бөлүгү. *Койчунун аялы Динардын алдына каймакты койду* (Сыдыкбеков).

2. Суюктуктун үстүнө туруп калган катмары, бөлүгү.

3. *өт.* Кандайдыр бир нерсенин эң маанилүү бөлүгү, мыкты, негизги маңызы. *Ушул адам, ушул сыдуу киймчен, Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы* (Осмонов).

◆ **Бал каймак**— чала сызгырылган каймак. *Идиш толо бал каймак* (Калык). **Кам каймак** — чийки сүттүн каймагы.

КАЙМАКТА *этиш.* 1. Идишке куюлган сүттүн бетине каймак пайда болуу.

2. Суюктуктун бетине каймак сыяктуу жука катмар пайда болуу, үстүн каптап калуу. *Суу.. көмүрдүн тоскогу бетине капкара болуп чыланып, каймактап калды* (Сасыкбаев).

КАЙМАКТАТ каймакта этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙМАКТОО каймакта этишинин кыймыл атоочу.

КАЙМАЛ *зат.* Беш жаштагы ургаачы төө. *Чаар ингендин үстүндө Миң каймалдын жүгү бар* («Эр Төштүк»). *Асыл каймал, тай тайлак Астыңдан чыгып тайтаңдап* («Манас»).

КАЙМАНА *сын.* 1. Жашырын, тымызын. *Кара чаар кабылан, Каптальында чамынып, Кайран жеңең долуну Каймана колдоп алыптыр* («Манас»).

2. Түздөн-түз ачык эмес, жаныткан өтмө мааниде. *Каймана сөздөн баштап, ашкере сөзгө да өттүк* («Советтик Кыргызстан»).

КАЙМАНАЛА *этиш.* Түздөн-түз эмес, башка бир окуя, көрүнүш ж. б. аркылуу жанытып айтуу, билдирүү. *Кайманалап айтып жаткандын кара* («Ала-Тоо»).

КАЙМАНАЛОО кайманала этишинин кыймыл атоочу.

КАЙМАНАЛУУ *сын.* Каймана түрүндө. *Күлдүрмөккө курган жан Кайманалуу кеп айттым* (Тоголок Молдо).

КАЙНА *этиш.* 1. Жогорку температурага жеткирүү, катуу ысытуунун натыйжасында шарактап, боркулдоо. *Чуйгүндөлүп салынган эт боркулдап кайнай баштады* (Жантөшев).

2. Абдан ысык болуу (күн жөнүндө). *Июль айларынын кайнаган күндөрүнүн бири эле* (Сасыкбаев). *Күн кайнап турган кез болучу* (Сыдыкбеков).

3. Абдан күчөө, кызуу. *Согуш кайнап турган кезде Атантаев фронтко жөнөмөкчү болду* (Сасыкбаев). *Революциячыл иш кайнап жаткан кез* (Сасыкбаев).

4. Абдан көп болуу. *Кайнаган кошун кайкыдан Чыгып жатат чубуруп* («Манас»). *Кайнаган калың эл көрдүм* («Эр Табылды»).

◆ **Быкбырдай же кумурскадай кайноо**— абдан көп болуу, эң көп болуу. **Жини же кыжыры кайноо** — кыжырлануу, каардануу, ачуусу келүү. **Шору кайноо** *к.* **шор I.**

КАЙНАГА *зат.* Күйөөсүнүн агасы (аялына карата), аялынын агасы (күйөөсүнө карата). *Үйдө кайнагаң бар* (Сыдыкбеков). *Амандык.. кайнагасына барды* (Убукеев).

КАЙНАМ: чай кайнам *к.* **чай.**

КАЙНАТ кайна этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙНАТА *зат.* Күйөөсүнүн атасы (аялына карата), аялынын атасы (күйөөсүнө карата). *Түркүн чал бар эмеспи, мага кайната болот* (Бейшеналиев). *Мына ошентип күйөөлөр, Кайнатасы Көк дөөгө Кызмат кылып берсин де* («Эр Төштүк»).

КАЙНАТЫМ: бир кайнатым чай — бир чайнек сууга сала турган чайдын чени, өлчөмү.

КАЙНЕЖЕ *зат.* Күйөөсүнүн эжеси (аялына карата), аялынын эжеси (күйөөсүнө карата).

КАЙНЕНЕ *зат.* Күйөөсүнүн энеси (аялына карата), аялынын энеси (күйөөсүнө карата). *Келиндин кайненеси эшиктеш башка болмөдө турат* (Абдукаримов).

КАЙНИ *зат.* Күйөөсүнүн иниси (аялына карата), аялынын иниси (күйөөсүнө карата).— *Кана, Гүлжан, кайниңе сүйүнчү бербейсиңби?—деди энеси* (Абдукаримов). *Жездеси кайнисине барды* (Жомоктор).

КАЙНОО кайна этишинин кыймыл атоочу.

КАЙПАКТА *этиш.* Ишке батынып кириштөө же сөздү тике айтпай тайсалдоо. *Кайпактабай катуу карма* (Аалы). *Кайпактап, жуукурсунуп жүргөн менен, Бир күнү сыры чыгат булуң-булуң* (Аалы).

КАЙПАКТОО кайпакта этишинин кыймыл атоочу.

КАЙПУУ кайпы этишинин кыймыл атоочу.

КАЙПЫ *этиш.* 1. Бир нерсеге тиертийбес болуп жанып өтүү, үстүнөн жакын өтүү.

2. Үстүнөн жукалай кесүү, жонуу. *Бычактын мизи.. жашыл тартып жалаңдаганда, чарыкчы.. бармагынын этин кайпый жонуп көрдү* (Сасыкбаев).

КАЙПЫТ кайпы этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙРА I *такт.* Кайта, кайрадан, экинчи жолу, дагы. *Асан Айсулууга кайра келди* (Баялинов). *Шамды кайра күйгүзүп койду* (Байтемиров). *Эс алгыла! Оокаттанып болуп, кайра киребиз* (Байтемиров).

КАЙРА II *этиш.* 1. Кесүүчү нерселерди курчутуу үчүн кайрак, таш же башка бир катуу нерселерге жануу. *Орок, чалгы кайрашып Чөп чабууга киришкен* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Көкүтүү, эрегиштирүү, араздаштыруу, тукуруу. *Манаптар кайран уруусун, Кутурган иттей кабышкан* (Маликов). *Балдар Ашымды алдыртан кайрашты* (Сыдыкбеков).

◆ **Тишин кайроо** — ачуусу келүү, кызыры келүү, жек көрүү. *Бүгүн бирөөлөр мени «ажы» деп ызаатташса, Шадыбек «кажы» деп тишин кайрады* (Аалы).

КАЙРАК I *зат.* Кесүүчү куралдарды кайрап курчутуу үчүн коддонулуучу атайы таш. *Бычагын кайракка жаныпжанып алды.*

КАЙРАК II *зат.* 1. Суу чыкпаган, сугарылбай турган, бирок эгин айдоого ылайыктуу жер. *Кайракка эч ким эчтеке сепкен жок* (Абдукаримов).

2. Ошондой жерге айдалган эгин. *Кайрак бышты.*

КАЙРАКЫ кайрак II менен бирдей.

КАЙРАН 1. Чиркин, эсил. *Кайран жанды кол менен жасап алар болсочу* (Токтогул). *Карып болуп кайран жан, Кир басты кызыл өңүмдү* (Токтогул).

2. Бир нерсе ойлогонундай болбой калган учурда, аяганда, эңсегенде, өкүнгөндө айтылат. — *Бах, кайран бала чак! — деди Сартбаев* (Сыдыкбеков).

КАЙРАТ I *зат.* 1. Эрк, күчтүү эрк, дем, жигер. *Кайратың бар, карууң жок* («Курманбек»). *Куру кайрат баш жарат* (макал). *Мен аны кайраты жок, бош жигит экен деп жүрдүм* (Каимов).

◆ **Кайрат кылуу** — бел байлоо, кайраттануу. *Кайрат кылсаң болбойбу, Тирүүмдө мени жоктодуң* (Токтогул). **Кайрат айтуу** — көңүл айтуу, кайраттандыруу. *Эненин көңүлүн тынчытып, кайрат айтты* («Ала-Тоо»).

КАЙРАТ II кайра этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙРАТКЕР *сын.* Каарман, күжүрмөн, кайраттуу. *Балдар, силер да кыйынчылыктардан коркпогон кайраткер болуп өскүлө деп, сөзүн бүтүрдү Иван Фёдорович* («Кыргызстан пионери»).

КАЙРАТСЫЗ *сын.* Кайраты жок, өткүр эмес, мүнөзү бош. *Калтырап, коркуп тургандай Кайратсыз өскөн жан белем* (Бөкөнбаев). *Жоого бара жатасың, Кайратсыз болуу жарабайт* (Шамшиев).

КАЙРАТТАН *этиш.* Чөгүп кетпей дем кылуу, бел байлоо, чымырканууу. *Сабира.. кайраттанды* (Сасыкбаев). *Бардык жакта кайнаган эмгек, кайраттанган адам* (Сасыкбаев).

КАЙРАТТАНТ кайраттан этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙРАТТАНУУ кайраттан этишинин кыймыл атоочу.

КАЙРАТТУУ *сын.* 1. Кайраты бар, өткүр, эр жүрөк, чечкиндүү. *Табылды эл таламын талашкан кайраттуу азамат боло баштайт* («Эр Табылды»).

2. Катуу. *Кычандын кайраттуу чачы кытырап мокок устарага күч менен баш ийүүдө* (Бейшеналиев).

КАЙРАШ кайра этишинин кош мамилеси.

КАЙРУУ I *зат.* Ырдын же күүнүн белгилүү куплеттеринен, бөлүмүнөн кийин кайталануучу бөлүгү, саптары. *Жума Каныбектин үйрөнгөн.. күүлөрүнүн так келбей жаткан кайрууларын оңдоп көрсөттү* (Жантөшев). *Нагыз элдик обонго салып, кайруусун бийигирээк көтөрөт* (Сыдыкбеков).

КАЙРУУ II кайыр этишинин кыймыл атоочу.

КАЙРЫ кайыр II менен бирдей.

КАЙРЫКЕР *сын.* Боорукер, кайрымдуу, ырайымдуу. *Карыптарга кайрыкер, Бечарага боорукер* (Токтогул).

КАЙРЫЛ 1. кайыр этишинин туюк мамилеси.

2. Бир нерсе жөнүндө бирөөдөн суроо, өтүнүү, сүйлөшүү. *Бир нерсе жөнүндө Алымкул өзүнүн курбусуна кайрылды* (Абдукаримов).

3. Каралашуу, жардамдашуу, жардам берүү, жардам көрсөтүү. *Эсиң болсо, жигиттер, Капа кылбай тилдебей, Кайрыла жүр жетимге* (Токтогул). *Колдон келсе, тартынбай Кайрылгыла карыпка* (Токтогул).

КАЙРЫЛУУ кайрыл этишинин кыймыл атоочу.

КАЙРЫЛЫШ I *зат.* Бурулуш, имерилиш, кайрылып, имерилип өтүүчү жер. *Кайрылыштан муң чыгат* («Курманбек»). *Кашкардын тоосу кайрылыш, Кайрылып учат улуу куш* (Токтогул).

КАЙРЫЛЫШ II кайрыл этишинин кош мамилеси.

КАЙРЫМ *зат.* Ырайым, мээрим, жакшылык. *Кайрымы жок.*

КАЙРЫМДУУ *сын.* Боорукер, ырайымдуу, күйүмдүү, мээримдүү. *Эгер [Умут] чоңойгондо да ушул мүнөзүнөн айныбаса, оокат-тиричиликке тыкан, адамга кайрымдуу киши болот* (Абдукаримов).

КАЙРЫМСЫЗ *сын.* Ырайымсыз, мээримсиз, күйүмү жок, таш боор. *Кайрымсыз бай.*

КАЙСА *этиш.* 1. Бат эле жеп коюу, аймоо, жалмоо. *Максым жамбаштын май аралаш кара кесек этин арыдан бери кайсап жиберди* (Жантөшев).

2. *өт.* Курутуу, жок кылуу. *Кажашкан шумду кайсабай, Канткенде тынат санаабыз* (Маликов).

КАЙСАКТА *этиш.* 1. Карбаластап үстүртөн мамиле кылуу, кайсандоо, жан жагына карануу. *Чалкалмак издеп кайсактап, Карап жүрөт чуратып* («Эр Табылды»).

2. Батына албоо, жооткотуу. *Чаргын кайсактап арсак-арсак күлдү* (Сыдыкбеков).

КАЙСАКТАТ кайсакта этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙСАКТОО кайсакта этишинин кыймыл атоочу.

КАЙСАЛА *этиш.* 1. Бир нерсени таба албай издөө, жан жагына карануу, кайсактоо. *Каптаса башыңды кокус булут, Кайсалап көлөкөңү таба албайсың* (Шүкүрбеков).

2. Шашкалактоо, шашкандыктан эмне кыларын билбей калуу. *Чернов кайсалап барып кагаз менен каламды алды* (Жантөшев). *Шамбет кепке кайсалап, кара кучкө борс-борс күлдү* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Кайсоо, жок кылуу. *Алыскысын найзалап, Жакыныраак келгенин Ач албарс менен кайсала* («Манас»). *Албарс кылыч колунда Каршы-терши кайсалап* («Манас»).

КАЙСАЛАТ кайсала этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙСАЛОО кайсала этишинин кыймыл атоочу.

КАЙСАНДА кайсакта менен бирдей.

КАЙСАР *сын.* 1. Бир ишти бүтпөй жатып экинчисине киришкен, чалагайым.

2. Чечкиндүү, кайра тартпаган. *Кайсар жигит.*

КАЙСАТ кайса этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙСОО кайса этишинин кыймыл атоочу.

КАЙСЫ *ат.* Аныктап, тактоо маанисинде колдонулат. *Бул кайсы жер?* (Сыдыкбеков). *Ал кайсы киши?* (Сыдыкбеков). *Табылды кайсы, билбедик* («Эр Табылды»).

◆ **Ар кайсы**— ар кандай, ар нерсе, ар кандай нерсе, ар ким. *[Телеграммалар].. ар кайсы шаардан.. келген* (Сасыкбаев) *Ар кайсыны бир айтып, Кызытасың канымды* (Турусбеков). **Кайсы бир** — кээ бир, айрым бир. *Кайсы бир эшен, кожолор Элди экиге бөлүшөт* (Токтогул).

КАЙСЫЛ кайсы менен бирдей.

КАЙТ *этиш.* 1. Кайра жөнөө, келген жерине кетүү, кайра келүү. *Биз айылга кайттык* (Сыдыкбеков). *Матрёна Петровна кызматтан үйүнө кайтты* (Сасыкбаев).

2. Мурдагыдай болбой калуу, басанчалоо, күчү кетүү, начарлоо. *Түш оop, күндүн ысык илеби кайткан* (Таштемиров). *Белден күч кайтты* (Жантөшев).

◆ **Дүйнөдөн кайтуу**— өлүү, каза болуу, дүйнөдөн көзү өтүү. *Энең болсо былтыр ушул маалда дүйнөдөн кайткан* (Сасыкбаев).

КАЙТА *такт.* Кайра, кайрадан, кайра баштан. *Амантур үйүнө барып.. кайта тартты* (Убукеев). *Акбар ордуна кайта отурду* (Убукеев). *[Каныбек].. бир караган нерсесин кайта-кайта карагысы келет* (Жантөшев).

КАЙТАДАН *такт.* Кайра, кайрадан, кайта баштан, дагы. *Ишке кайтадан киришти. Керим китебин кайтадан окуй баштады.*

КАЙТАЛА *этиш.* Иштелген, жасалган ишти экинчи жолу иштөө, жасоо. *Тихонов [кагазды] бир эмес уч кайталап окуп жиберди* (Жантөшев). *Динар анчемени экинчи кайталап окуй баштады* (Сыдыкбеков).

КАЙТАЛАН кайтала этишинин өздүк мамилеси.

КАЙТАЛАТ кайтала этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙТАЛОО кайтала этишинин кыймыл атоочу.

КАЙТАР *этиш.* 1. Бир нерсени ар түрдүү коркунучтан, кол салуудан ж. б. сактоо, багуу, көздөө, кароо. *Советтик чекти кайтарып, Жеңилбес кызыл эл турат* (Үмөталиев). *Бул атты минип, бүгүндөн нары жылкыны сен кайтар* (Жантөшев).

2. Иштелген, жасалган ишти экинчи жолу жасоо, иштөө, кайталоо. *Эмнеси болсо да, кайтарып бир айтып көрөйүнчү* (Токтогул).

3. Бирөөдөн алган, берген нерсени кайра алуу, берүү. *Албаймын деп шакекти Же кайтарып берген жок* (Жантөшев).

4. Капа кылуу, көңүлүн калтыруу, шагын сындыруу, кагып коюу. *Бербеймин деп айталбай, Атанын көөнүн кайтарбай* («Эр Төштүк»). *Кереч менен Баалыкан жеңемдин көңүлүн кайтарбагыла* (Жантөшев). *Сасыкбайдын тайманбаган сөздөрү Барпынын мизин кайтарды* (Байтемиров).

5. Кайта артка кетирүү, чегинтүү, күчүн кетирүү, майтаруу. *Отряд душман-*

дын үч жолку койгон чабуулун кайтарды.

◆ **Кол кайтаруу** — жооп кылуу иретинде уруу, чабуу, каршылык көрсетүү. *Кайра кол кайтарууга чама жок* (Каралаев). *Кол кайтарбаганым менен, каргапшилөөдөн тартынганым жок* («Советтик Кыргызстан»). **Жооп кайтаруу** — жооп берүү, жооп айтуу. *Кычан аткан октой шар жооп кайтарды* (Бейшеналиев).

КАЙТАРА *такт.* Кайта, кайтадан, кайра, кайрадан. *Күүсүн эки-үч кайтара чертти* (Бөкөнбаев). *Кайтара кууп баарысын, Кайраттуу Олжоң жеңди эми* (Үсөнбаев).

КАЙТАРТ кайтар этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙТАРУУ кайтар этишинин кыймыл атоочу.

КАЙТАРЫЛ кайтар этишинин өздүк мамилеси.

КАЙТАРЫШ кайтар этишинин кош мамилеси.

КАЙТООЛ *зат.* Айыкты, жакшы болду деп эсептегенден кийин, оорунун кайталанышы.

КАЙТООЛДО *этиш.* Кайталоо, экинчи жолу кармоо (оору жөнүндө).

КАЙТУУ кайт этишинин кыймыл атоочу.

КАЙЧЫ *зат.* 1. Эки миздүү тарабы бири-бирине айкаштырыла бекитилген, кармоого ылайыкталган тегерекчелери бар, бир нерсени кесүү, кыркуу үчүн колдонула турган курал. *Дарбазанын эшигине керилген кызыл лента кайчы менен кыркылды* (Аалы). *Оң колуна кайчы алган, Сол колуна барча алган* (Тоголок Молдо) *Отуздай кыркмачы келишип, кайчыларын чыртылдатып.. бошогон койду карашат* (Жантөшев).

2. *өт.* Каршы, карама-каршы. [*Жамила менен Айша*].. *кулк-мүнөздөрү жагынан бири-бирине кайчы келишпесе да,.. экөөнүн көңүлдөрү жакын эле* (Баялинов). *Кайчы өтүп кетишти.*

◆ **Кайчы куда** *к.* куда. **Кайчы кулак**— ичке жана тик кулак (көбүнчө жылкыга карата). *Эрлер минген асыл аттар бизде бар, Куран жоюн, кайчы кулак, кулжа сан* (Аалы).

КАЙЧЫЛА *этиш.* Кайчы менен кесүү, кескилөө.

КАЙЧЫЛАТ кайчыла этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙЧЫЛАШ кайчыла этишинин кош мамилеси.

КАЙЧЫЛАШТЫР *этиш.* Бир нерсени каршы-терши кокуу. *Эне эки колун артына кайчылаштырып үйүнө жөнөдү* («Ала-Тоо»).

КАЙЧЫЛАШТЫРУУ кайчылаштыр этишинин кыймыл атоочу.

КАЙЧЫЛОО кайчыла этишинин кыймыл атоочу.

КАЙШАЛАКТА кыйшалакта менен бирдей.

КАЙШАЛАҢДА кыйшаланда менен бирдей.

КАЙЫ I *этиш.* 1. Бир нерсенин чет жагынан кайпып өткөн ийнени үстү жагынан кайтара алып келип тигүү. *Баштыктын оозун эки-үч кайталап шоона менен кайып таштады* (Байтемиров).

2. Кайкуу, кайкып кетүү (мис., абада, сууда). *Чабалекейлер канаттарын күүлөшүп, зоокалардын бетинде кайып учушат* (Баялинов). *Бирок топ тийбестен кайып кетти* («Ала-Тоо»). *Бактетер эки-экиден кубалашып, жер менен кайып учуп суу ичкени барышат* (Байтемиров).

ҚАЙЫ II *этиш.* Куу, жыныстык жагынан катышуу (төөгө карата).

ҚАЙЫҚ I *зат.* 1. Эки жак капталынан калак менен шилөө аркылуу же мотор аркылуу сууда сүзүп жүрүүгө ылайыкталып жасалган суу транспорту. *Жел кайык. Мотордуу кайык. Бүгүнкү кайык менен келген экөөнүн аты-жөнү ким?* (Жантөшев).

2. Кээ бир согуштук кемелердин түрлөрү. *Суу астында сүзүүчү кайык. Канонердик кайык.*

ҚАЙЫҚ II *этиш.* Суукка абдан үшүү. *Ачка болгон аттар калчылдап, өзүбүз кайыктык* (Қаимов).

КАЙЫҚЧЫ *зат.* Кайык пристанында иштөөчү же кайык айдоочу адам. *Кайыкчы күлүмсүрөп алыс карайт, Дембе-дем канжасынан түтүн булап* (Маликов).

КАЙЫЛ I *мод.* Макул, ыраазы. *Саякатка чыккан балдар.. курсактарынын ачканына кайыл* (Сыдыкбеков). *Ал баарына кайыл болгон кишидей кайдыгер көрүндү* (Сыдыкбеков).

КАЙЫЛ II кайы этиштеринин туюк мамилеси.

ҚАЙЫМ I: көздөн кайым болуу — тез жок боло түшүү, тез эле көрүнбөй калуу. *Бешимден кийин Дербиш көздөн кайым болду* (Қаимов). [*Кычан*].. *абышкасыз жылып чыгып, көздөн кайым болду* (Бейшеналиев).

ҚАЙЫМ II: кайым айтышуу — 1) бирине-бири кезек берип ыр айтышуу. *Аңгыча Борис менен Шура кайым айтыша кетти* (Байтемиров); 2) *өт.* айтышып калуу.

ҚАЙЫН *зат.* Аялынын ата-энеси, ага-туугандары, төркүндөрү, эл-журту. *Кайындарым карап турган жок. Жактырып көрүп кайыңды, Жакшыдан алгын зайыңды* (Тоголок Молдо).

◆ **Қайын ата— кайната** менен бирдей. **Қайын ага — кайнага** менен бирдей. **Қайын ини — кайни** менен бирдей. **Қайын сиңди — күйөөсүнүн карындашы** (аялына карата). *Кайын энеси Ажар менен кайын сиңдиси Сакадайга.. бир сыйрадан кийим жасаган* (Жантөшев). **Қайын эже — кайнеже** менен бирдей. **Қайын эне — кайнене** менен бирдей. **Қайын журт** — аялынын төркүндөрү, эл-журту.

КАЙЫНДА *этиш.* 1. Эки жашты баш коштуруу үчүн ата-энелери сүйлөшүп макулдашуу, убадалашуу. *Мени эмне үчүн бай жерге кайындадыңар* [*деди Батийна энесине*] (Сыдыкбеков).

2. Кайнына барып, колуктусу жана анын ата-энелери, туугандары менен көрүшүү, алардын макулдугуна, сынына толуу.

Күйөө барып кайындап, Күйөөлүгүн дайындап (Тоголок Молдо).

3. Үйлөнгөндөн кийин кайындарына баруу, катташуу.

КАЙЫНДАТ кайында этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙЫНДОО кайында этишинин кыймыл атоочу.

КАЙЫНДУУ *сын.* Сүйлөшүп койгон, кайындап койгон жери бар.

КАЙЫНСААК *сын.* Өз туугандарына караганда аялынын туугандарына жакын жана алар менен көбүрөөк катышы бар.

КАЙЫҢ *зат.* Жүрөкчө формасындагы жалбырактары бар ак кабыктуу дарак. *Өзөн-өзөн аккан суулар, аны бойлой өскөн кайың менен тал жыш экен* (Каралаев). *Кара жыгач, кайың, тал, Жазында бүрдөп көрктөнөт* (Шүкүрбеков).

КАЙЫП *зат.* 1. *миф.* Көзгө көрүнбөй, билинбей жакшылык кылуучу дух. *Касиеттүү жер эле, Карылардын сөзүндө Кайыбы бар дээр эле* («Эр Табылды»). *Кайыптан келген бууданды, Кармап баары алды эми* («Эр Табылды»).

2. Кийинктердин жалпы аты, наамы. *Кароолуңа ишенбей, Качкан кайып аттырбайт* (Токтогул). *Кайыптар оттоп, төлдөгөн, Албан түрлүү чөбү бар* (Тоголок Молдо).

◆ **Кайып болуу** *же* **жел кайып болуу**— тез эле көрүнбөй калуу, тез жок боло түшүү. *Бир кишиге көрүнбөй, Кайып болду Акшумкар* («Манас»). *Андай-мындай дегичче, Жанындагы аксакал көздөн кайып болгону* («Манас»). *Кылмышкер жел кайып болсо да, аны табам, — деп Омор бак арасынан кетпеди* (Сыдыкбеков).

КАЙЫР I *зат.* 1. Тиленчиге, дубанага, мусанырга бериле турган нерсе, жардам, садага. *Кайыр үчүн ак уруп, эл аралап жүрөсүң* (Жантөшев). *Эл кыдырып кайырды, Сурап келе жатамын* (Токтогул).

2. Ырайым, мээрим, жакшылык. *Же каралар айыл жок, Калпанын бир да кайыры жок* (Тоголок Молдо). *Кедейлердин түбү кайыр, жан балам* (Аалы).

КАЙЫР II *этиш.* 1. Малды бараткан багытынан башка жакка бет алдырып буруу, айдоо. *Жоокерлер карап айылдан, Жаш бозой жылкы кайырган* (Үмөталиев). *Өрүгөн малын кайырган Малчылары көрүндү* (Жантөшев).

2. Бир нерсенин үчүн сыртына же ичине бүктөө, жапыруу, ийүү. *Келген кишиэ токтоду да, пальтосунун жакасын кайырды.*

3. Күү черткенде, ырдаганда белгилүү бир бөлүгүн тиешелүү даражада кубулжутуу, күчөтүү же басандатуу. *Тогуз толгоп кайырсам, Торгой болот комузум* (Токтогул). *Чертилген комуз чертилип, Жеңиштин күүсүн кайырган* (Бөкөнбаев).

4. Кайтаруу, кайтарып берүү, ашыгын (мис., акчанын) кайта берүү.

5. Толгоо, толгоп жиберүү, бурап жиберүү.

6. Үзүү, толгой кармап үзүп алуу. *Апа, мынча неге эрте кайырдыңыз, жүгөрү али бышкан жок го, — дедим* («Жаш ленинчи»).

◆ **Жооп кайруу**— жооп кайтаруу, жооп берүү. *Белек ал кишиге жооп кайырган жок* (Жантөшев). *Батыштын жооп кайырбаганын Гулнар таназарына алган жок* (Сыдыкбеков). **Кол кайруу** — жооп кылып уруу, чабуу, кол кайтаруу, каршылык көрсетүү. *Кол кайырбай багынса, Жоокерине тийбегин* (Жантөшев). *Душмандар кол кайрый турган болсо, муну менен дүп эткизип коёбуз* (Сасыкбаев). **Сөз кайруу** *же* **кеп кайруу** — каяша айтуу. *Ал [Андрей] адатта Соня сүйлөгөндө сөз кайырчу эмес* (Сасыкбаев).

КАЙЫР III *сырд.* Кош, кош бол деген мааниде колдонулат. *Кайыр, мен кайтайын* (Жантөшев). *Кайыр, саламат . болуңуз* (Жантөшев).

КАЙЫРДУУ *сын.* 1. Ырайымдуу, мээримдүү, боорукер, адамгерчиликтүү.

2. Ийгиликтүү, түпкүлүгү түз. *Кайырдуу болсун.*

КАЙЫРКЕР *сын.* Кайрымдуу, ырайымдуу, мээримдүү, боорукер, кайырдуу. *Кайыркер болсоң канаттуу, Капаста жанга келе кет* («Советтик Кыргызстан»).

КАЙЫРЛУУ кайырдуу менен бирдей.

КАЙЫРМА I *зат.* Өрдөктүн эркеги.

КАЙЫРМА II *зат.* 1. Ырдын белгилүү куплеттеринен кийин кайталануучу бөлүгү, саптары.

2. Бир нерсенин бүктөлгөн бөлүгү, бүктөмөсү; кайрылган, бүктөлгөн. *Кийгени кара драп менен тыштаган кайырма жакалуу ичик* («Советтик Кыргызстан»).

КАЙЫРМАК *зат.* Темирден ийип, балык кармоого ылайыкталып жасалган курал. *Мында да, тигинде да жымжырт болуп, кайырмак салып олтурган балыкчылар* (Сасыкбаев).

◆ **Кайырмак салуу**— 1) бирөөгө жамандык издөө; 2) колго түшүрүү же кандайдыр өз максатын ишке ашыруу амалын иштөө.

КАЙЫРЧЫ *зат.* Тиленчи, элден кайырсадага сураган адам. *Кайырчыдай болуп, дүйнөдө бирөөдөн алганды жек көрөм* (Байтемиров).

КАЙЫРЧЫЛЫК *зат.* Тиленүүчүлүк, элден кайыр-садага сурап күн көрүүчүлүк. *Неге унутайын байыркы бир Кайырчылык күнүмдү* (Элебаев).

КАЙЫРЫЛЫШ *зат.* Бурулуш, имерилиш жер. *Кашкардын тоосу кайрылыш, Кайрылып учат улуу куш* (Токтогул).

КАЙЫРЫМ кайрым менен бирдей.

КАЙЫТ кайы этиштериинин аркылуу мамилеси.

КАЙЫШ I *зат.* Жүнү жыдытылып ийленген малдын териси. *Кара болот ооздук, Кайышы мыкты жүгөндүү* («Эр Төштүк»). *[Кычан].. кайыш тизгинди.. тутамдап кармап, күлүңдөдү* (Бейшеналиев).

◆ **Бел кайыш**— атты арабага чеккенде белиндеги ээрчесинин үстүнөн алып жан жыгачка байлануучу кайыш боо. *Аттарынын каамыт, дого, бел кайыштарын түзөтүп жатат* («САЖИ»). **Жон кайыш** — шлеянын бир бөлүгү. **Жонунан кайыш тилүү** *же* **жонунан кайыш алуу** — абдан жазалоо, кыйноо, сабоо. *Жоо бекинсе*

сырт жакка, Жонунан кайыш тилейин («Эр Табылды»). *Жонунан кайыш алыш керек* (Турусбеков). **Тасма кайыш** — узун кылып тилинген ичке кайыш. *Чыгарып тасма кайыш канжыгамды, чырмадым карыштыра оозун таңып* (Осмонкул). **Чылгый кайыш** — ашатыгa салынбаган, ийленбеген чийки кайыш.

КАЙЫШ II *этиш.* 1. Ийилүү, ийрейүү, майышуу. *Кайышып эрке желге кыштак багы, Эңилет мөмө бышар кырчын шагы* (Абдукаримов). *Кайыңды көрсөм конормун, Каиышпай кайың көтөрсө, Как ошо жерде болормун* («Манас»).

2. Кыйналуу, жанга батуу. *Кайышып жаным оору болсо дагы, Соодоймуч башкаларга билинбеймин* (Шимеев). *Каяша кылар чама жок, Кайышып турат элибиз* (Аалы).

3. Бирөөгө жаны ачуу, жаны кейүү. *Кайышпагын Искендер, Камалып турса калың эл* (Турусбеков).

4. *өт.* Карышуу, көгөрүү, тырышуу, өжөрлөнүү. *Кайышып болбой койду.*

◆ **Кабыргасы кайышуу** *к.* **кабырга.**

КАЙЫШТЫР кайыш этишинин аркылуу мамилеси.

КАЙЫШУУ кайыш этишинин кыймыл атоочу.

КАК I *зат.* Кургатылган жемиш, же кесип кургатылган коон. *Карагаттарын жайпак табакка салып как кургатышты. [Куржундун].. эки көзүндө өрүк кигы, жийде сыяктуу кургак жемиштер бар* (Абдукаримов).

КАК II *сын.* Кургак, кургаган, кургап калган. *Как жыгачтан даярдалган отун* (Аалы).

◆ **Как баш** *к.* **баш.**

КАК III *такт.* Дал, так. *Адистиги ар канча, Аткан эмен как көзгө* («Манас»). *Көчөнүн как ортосунда. Камалышып тоскондор Как жарыла берди дейт* (Үсөнбаев).

КАК IV *туур.* Көбүнчө карганын үнүн туурап айтуу үчүн колдонулат. *«Как эткен карга, кук эткен кузгун жок ээн жер* (Абдукаримов). *Карганын как эткени өзүнө кубаныч* (макал).

КАК V *этиш.* 1. Казыкты, мыкты, шынаапы ж. б. уруп, чаап киргизүү. *Казык какты. Мык какты.*

2. Ургулоо, такылдатуу. *Айтылган үйдүн эшигин какам, табыш жок* (Жантөшев).

3. Уруп, чаап өзүнө жакындатпоо, өзүнөн алыстатуу, четтетүү. *Найзасын эр Тиштээктин туура кагып, Аксакал сайыш жолун ачып алды* (Маликов).

4. Бир нерсени (мис., кийим-кечеге жуккан чаңды, чөп-чарды же даректын жемиштерин) күбүп, силкип, ургулап түшүрүү. *Чаңды какса кетет, кумду силксе түшөт* (Сасыкбаев). *Көйнөктүн чаңын кагышты* («Эр Табылды»). *Алма как.*

5. Шилтөө, серпүү. *Канат кагуу. Каш кагуу. Кашын кагып кылыктанган кыз-келиндер. Кончусун белге кыстарып, кыз-келинге каш кагып, секетпайын ырдаган жигиттер* («САЖИ»).

6. Согуу (мис., кан тамыр жөнүндө). *Тамырын кармасам, араң эле кагат* («САЖИ»). *Алымбет айтып жатты токтотпостон, Эт жүрөк эптеп зорго какса-дагы* (Үмөталиев).

7. *өт.* Урушуп коюу, десин кайтаруу, жактырбагандыгын, жаратпагандыгын билдирип катуу айтуу. *Койчу, балам, кайдагы шумдукту айтасың! — деп Алима уулун кагып койду* (Абдукаримов). *Улууга жаман айтпагын, Кичүүнү тилдеп какпагын* (Осмонкул).

◆ **Кирпик какпоо** *к.* **кирпик. Жинин кагуу** — эсине келтирүү, желин чыгаруу, мизин кайтаруу, акесин таанытуу. *Эл дүрбөткөн зулумдун Эзелки жинин каккыла* (Каралаев). **Тиш каккан** — көптү көргөн, көптү башынан өткөргөн, дасыган, улгайган. *Тиш кагып, иштеп келген немелер [студенттер] өзүлөрүн токтоо кармап, олуттуу маселелер жөнүндө гана сүйлөшүшөт* (Бейшеналиев). **Садага кагуу** — садага кылуу, садага чабуу. *Сары улактыр алалык, Садаганы кагалык* («Эр Табылды»). **Чот кагуу** — чот менен эсептөө. **Четке кагуу** — кабыл албоо, макул болбоо, жаратпоо, жокко чыгаруу.

КАКА *этиш.* Тамак-аш жегенде алкымдан ары кетпей туруп калуу. *Этке какадым.*

◆ **Какаганга муштаган** — түйшүктүн үстүнө түйшүк кошулуу, үстөкө-бостон азаптануу, азаптан арылбоо. *«Какаганга муштаган» деп, Дарыяхандын сегиз айлык баласы боюнан түштү* (Жантөшев).

КАКААР *зат.* Каар. *Кара жанды карытты Карылыктын какаары* (Тоголок Молдо). *Тянь-Шандын какаарына бышкан алтоону Чүй боорунун чыкыроону тоңуп-койбос* (Бейшеналиев).

КАКААРДА *этиш.* Каарануу, кекээрдөө. *— Охо! — деди Шарип какаардап* (Бейшеналиев). *Капсалаңдын суз, какаардап кагажытkан сөздөрүн угуп, Керез жалтайлады* (Бейшеналиев).

КАКАРДОО какаарда этишинин кыймыл атоочу.

КАКААРДУУ *сын.* Каардуу. *Какаардуу кыш.*

КАКАЙ *этиш.* 1. Түптүз туруу. *Солдат честь берип какая калды да, пакетти алып, Медведевге берди* (Жантөшев).

2. *өт.* Менменсинүү, кекиреёюу, кейкейүү. *Эңкейгенге эңкейгин — атаңдан калган кул эмес, Какайганга какайгын — падышанын уулу эмес* (макал).

КАКАЙТ какай этишинин аркылуу мамилеси.

КАКАНАК *зат.* Адамдын же жаныбарлардын жаңы туулган баласынын сыртындагы жука чел кабык. *Каканагын жарасалек кой.*

КАКАНАКТА *этиш.* Көбүнчө күйгөндүктөн же өйкөгөндүктөн, мөлтүрөп кабарчыктоо, терининн ичине суу туруп көөп чыгуу.

КАКАНАКТОО каканакта этишинин кыймыл атоочу.

КАКАҢДА какчында менен бирдей.

КАКАО *зат.* 1. Данынан шоколад жасала турган тропикалык жыгач.

2. Ушул жыгачтын данынан жасалган порошок.

3. Ушул порошоктон жасалып ичиле турган суюк тамак.

КАКАРТ *зат.* Жаранын катып калган жери, карты.

КАКАТ кака этишинин аркылуу мамилеси.

КАКАЧ *зат.* 1. Жаныбарлардын, адамдардын денесинде, башында болуучу майда кабырчык.

2. Эчкини тилдегенде айтылуучу сөз.

3. *өт.* Абдан кир, өтө кир, какмар, таза эмес. *Эрди да купкуу тартып каны качкан, Колдорун жара менен какач баскан* («Кыргыз адабияты»).

КАКАЧТАН *этиш.* Какач болуу, какач пайда болуу, какач басуу. *Какачтанып сыйрылган боорсок мурун, кара тоголок бала.. үйгө кирди* (Баялинов).

КАКАЧТУУ *сын.* Денесин, башын какач баскан, какачы көп.

КАКАЮУ какай этишинин кыймыл атоочу.

КАКЖЫРА *этиш.* Абдан кургап эбисынынан, калыбынан кетүү. *Күнгө какжырап, калыбынан тайган эшиктерди, тепкичтерди көрдү* (Баялинов).

КАКИМ *туурасы:* **аким.**

КАККЫ *зат.* Кагуу, жеме. *Бирөөдөн каккы жедиңби?* (Бөкөнбаев).

КАКМАЛА *этиш.* Кебин, сөзүн жөнөтпөй, кагып туруу. *Кер какшык болсоң какмалап, Келеби адам жаныңа* (Калык).

КАКМАЛОО какмала этишинин кыймыл атоочу.

КАКМАР *зат.* 1. Кир, булганч, ыпылас.

2. Аялдар балдарды тилдегенде, эркелеткенде айтылуучу сөз. *Арам какмар, уялып да койбойт* (Аалы). — *О, какмарлар, мында келгиле! — деп, келин-кыздарды жанына чакырды* (Баялинов).

КАКСОО *сын.* Таштак, кургак, суу чыкпаган, катып калган. [*Сергей*].. *эки балдагының үчтарын каксоо жолго так-так койгулап, көчө кыдырууда* (Сыдыкбеков). *Тар сайдын таманы таштуу, жери каксоо* («САЖИ»).

КАКСЫГУУ каксык этишинин кыймыл атоочу.

КАКСЫЗ *сын.* Таза, биротоло. *Оорусу каксыз айыкты.*

КАКСЫК *этиш.* Көптү көрүп, көптү башынан өткөрүп такшалуу, бышуу, дасыгуу. [*Батийна*] *мисирейген кара таштын көңүлүн жара чыккан теректей чымыр, чыйрак, каксыкты* (Сыдыкбеков).

КАКСЫКТЫР каксык этишинин аркылуу мамилеси.

КАКТА *этиш.* 1. Күнгө же отко бир нерсени тосуу, кармап туруу. *Күнгө кактап денеңи, эс алалык куландай* (Үмөталиев). *Керчөө какталганды да билбейсиңби?* (Аалы). [*Күндүн*].. *ысык табы жерди кактап жанжаныбарлар, өсүмдүктөрдү магдыратып сүйкүмүнө бөлөөдө* (Бейшеналиев).

2. Сүт чыкпай калганча саап алуу, эмүү, соруу. *Кулунун аяшып бээни кактап саашпайт* (Абдукаримов).

КАКТАЛ какта этишинин туюк мамилеси.

КАКТАН какта этишинин өздүк мамилеси.

КАКТАШ какта этишинин кош мамилеси.

КАКТОО какта этишинин кыймыл атоочу.

КАКТООЧ *сын.* Эттендириш үчүн жайлоого коё бербей, же жөн тыныктырбай, дайыма минилип жүргөн ат. *Кычан жайлата минип жүрүп, күйдүм-быштым кактооч болгон кунанын бөжүтүп көчөгө чыкты* (Бейшеналиев).

КАКТЫР как этишинин аркылуу мамилеси.

КАКЧАЙ *этиш.* 1. Өтө арыктоо, эти качуу, каржаюу (көбүнчө кары кишилерге карата). *Көп киши чыкты бир жайдан, Бири кары какчайган* (Калык).

2. Какыюу, былкылдабай, кыймылдабай карап туруу. *Эр Коңурбай калчанын Жолун карап какчайып, Күтүп турган Алмамбет* («Манас»).

КАКЧАҢДА *этиш.* Эпсиз кажылдоо, обу жок жемелөө, урушуу; бышыксынуу, чыйраксынуу, куру бекер кийлигишүү (кыялы чогоол кары адамдар жөнүндө). *Какчаңдап мага чуркап келбей, уулуңду жөнгө салсаң боло* (Абдукаримов). *Бир жактан какчаңдаган байбичеси Уруптур кычкач менен тура калып* (Турусбеков).

КАКЧАҢДОО какчаңда этишинин кыймыл атоочу.

КАКЧАҢДАТ какчаңда этишинин аркылуу мамилеси.

КАКЧЫЙ какчай менен бирдей.

КАКША *этиш.* 1. Зарланып, муңканып ыйлоо, боздоо. *Көзүнүн жашын көл кылып, Какшап ыйлап боздоду* (Жантөшев). *Кан соргуч байдын колунда Какшап жүрүп өтөмбү* (Осмонкул).

2. Үздүксүз, токтоосуз сүйлөй берүү, талбай айта берүү, ырдоо. *Какшадым ырдап талыкпай, Калк чогулган неченге* (Токтогул).

3. Катуу үшүү, муздоо, муздап сыздоо. *Мамбеткул.. сууктан какшаган тизелерин улам кымтылайт* (Абдумомунов).

4. Зыркырап-сыздап ооруу. *Зайнанын илбийген жиликчелери какшай түшүп бүткөн бою ичиркенген* («Жаш ленинчи»).

◆ **Зар какшоо** *к.* **зар II. Кан какшоо**— 1) зар какшоо. *Байкуш Сабира күнү бүгүнкүгө чейин жегени желим, ичкени ирим болуп, кан какшап жүргөн имиш* (Абдукаримов); 2) зыркырап-сыздап ооруу, жанын кейите ооруу. *Буту-колум кан какшап ооруйт.*

КАКШААЛ *сын.* 1. Климаты катаал, тиричиликке кыйын.

2. Абдан кургак, куурап какжырап калган (отун жөнүндө). *Кашка жол менен бастырган Какшаалдай отун артынган* («Эр Табылды»). [*Чоно*].. *арчанын какшаалынан чогултуп.. отту чоң жакты* (Каимов).

3. Аялдар тарабынан жаман көргөндө же урушканда айтылуучу сөз. *Арам как-*

шаал. Кара жолтой какшаалга Жок эле менин жазганым (Тоголок Молдо).

ҚАҚШАН какша этишинин өздүк мамилеси.

ҚАҚШАТ какша этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚШОО какша этишинин кыймыл атоочу.

ҚАҚШЫ *этиш.* 1. Абдан кургап кетүү, нымы жок калуу. *Какшыган талаа турчу эле, Кансак деп сууну сагынып* (Осмонкул). *Шаар орногон жерибиз Какшып жаткан чөл эле* (Осмонкул).

2. Қакталып, ысып кетүү. *Казан какшыды.*

3. Эч нерсеси жок калуу, таптакыр түгөнүү, такыр калбай калуу. *Какшыгырдыкы какшып калган экен* (Маликов).

ҚАҚШЫК *зат.* Шылдың, мыскыл, келеке кылуу максатында мактап, ашыра баалап же өтмө мааниде айтылган сөз. *Какшык сүйлөп тийишпе, Айыбы жок кишиге* (Акаев). *Болдукан какшык жиберди* (Осмонкул).

◆ **Кер какшык**— кер айтылган сөз. *Кекээри жок, кер какшыгы жок сүйлөөгө болбойбу?* (Убукеев). *Кер какшыгыңарды токтотсоңор кантет! [деди председатель]* (Сыдыкбеков).

ҚАҚШЫҚТА *этиш.* Қакшык сөз айтуу. *Алдыртан аста какшыктап, түштү курган наадышка* (Жантөшев).— *Биздин Тоту быйыл он жетиден он сегизге жаңы чыгат!— деп, Кайназар какшыктаганда, отургандар дуу күлүп жиберишти* (Жантөшев).

ҚАҚШЫҚТАТ какшыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚШЫҚТАШ какшыкта этишинин кош мамилеси.

ҚАҚШЫҚТОО какшыкта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАҚШЫҚТУУ *сын.* Қакшыгы бар, какшык аралаш, какшык сөздүү. *Отургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* (Жантөшев).

ҚАҚШЫҚЧЫЛ *сын.* Қакшыктаганды жакшы көргөн, какшыкты көп айтуучу. *Какшыкчыл эрим чал болсо, Канттап чыдайм, Күлүсүн* (Қалык). *Какшыкчыл чал эле деп Сактанышып коркушуп* («Курманбек»).

ҚАҚШЫТ какшы этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚШЫТУУ какшыт этишинин кыймыл атоочу.

ҚАҚЫЙ *этиш.* Денесин түз кармап, козголбой түруу. *Беш атарын кармап, [Ашыр] какыйып эшик алдында турат* (Сасыкбаев).

ҚАҚЫЙТ какый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚЫЛДА *этиш.* 1. Тооктун ж. б. куштардын дабыш салуусу. *Көл ичинде каз, өрдөгү какылдайт* (Убукеев). *Тоок какылдап, уясынан чыкты.*

2. *өт.* Тынымсыз катуу сүйлөө, какшоо. *— Кемчиликтерди жоёлу деп какылдап-какшап айтып эле келе жатам* (Убукеев).

ҚАҚЫЛДАҚ *сын.* Сүйлөөк, кара жаак.

ҚАҚЫЛДАТ какылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚЫЛДОО какылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАҚЫМ каакым менен бирдей.

ҚАҚЫР I *сын.* Эч нерсе чыкпаган, чөлдүү, суусу жок. *Гүлдөтөлү өлкөнү, Какыр жерден пахта алып* (Бөкөнбаев). *Жакыр элди жыргаткан, Какыр жерге гүл чачкан* (Бөкөнбаев).

ҚАҚЫР II *этиш.* Қакырыкты бөлүп чыгаруу, түкүрүп таштоо. *Ыкшый жөтөлүп, катуу-катуу какырды* (Аалы). *Ичтурган ашыңа какырба да түкүрбө* (макал).

◆ **Какыр-чикир** — ыплас, булганч нерселер, таштандылар.

ҚАҚЫР III: какыр-какыр *туур.* Катуу нерсени экинчи бир катуу нерсе менен сүрүүдөн чыккан дабыш.

ҚАҚЫРА *этиш.* Кургоо, суусуз кургап калуу; какыр-кукур этүү. *Суу чыкпай таштак жер какырап калды. Какыраган таш.*

ҚАҚЫРАМА *сын.* Кургак, суусу жок, таштак. *Какырама жер.*

ҚАҚЫРАТ какыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚЫРТ какыр этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАҚЫРУУ какыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚАҚЫРЫК *зат.* Өпкөдөн жана демалуу органдарынан бөлүнүп чыгуучу былжырак илээшме зат. *Насыбайчынын үйү — какырык менен түкүрүк* (макал).

ҚАҚЫРЫН какыр этишинин өздүк мамилеси.

ҚАҚЫС: какыс-кукус кылуу — урушуп коюу, кагып-силкүү, жаза-буза урумуш болуп коюу. *..Бала дегенди ыгы менен какыс-кукус кылып, жакшы тарбиялаш керек* («Ала-Тоо»). *[Анын] .. какыс-кукус кылганына терикпедим* («Чалкан»).

ҚАЛ I *зат.* Адамдын денесинде тубаса пайда болгон кара, кызыл так. *Өмүрбегимдин оң кулагынын алдында бармак басым калы бар* («САЖИ»). *[Салимага].. мурун менен ууруттун ортосундагы калдын жарашып калганын айт* (Абдукаримов).

ҚАЛ II *диал.* Таз.

ҚАЛ III *этиш.* 1. Жөнөп кетпөө, бир жакка барбоо, ордунда туруу, кетпөө. *Ал бүгүн үйдө калды.*

2. Таштап коюу, иштелбөө, орундалбоо. *Ашым калса калсын, ишим калбасын* (макал).

3. Сакталуу, унутулбоо, эстен чыкпоо. *Токомдун айткан ыры деп, Жаштарга калсын таралып* (Токтогул). *Элге кылган жакшылык жерде калбайт* (макал).

4. Оюндан, мелдештен утулуу, жеңилүү, чыкпоо. *Шахмат ойногондо экиң жолу калып калды. Аты калып калып, байгеге улинбеди.*

5. Қыймыл-аракеттин бат эле болуп өткөнүн, аяктаганын көрсөтүүчү көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Машина токтой калды* (Сыдыкбеков). *Устүңө бирдеме кийинип, дароо чыга кал* («САЖИ»).

◆ **Калган-каткан**— арткан, калып калган, калдык.

ҚАЛА I *зат.* Тегирменге эгинди тарттырганда, салдырганда эгин түрүндө берилүүчү акы. *Каласын бербей тартабы Куда сөөк карындаш?* (Токтогул).

ҚАЛА II *зат. диал.* Эгин. *Ынтымагы бар элдин Калага карды ток болот* (Барпы).

ҚАЛА III *этиш.* 1. Отунду (мис., тезекти) жагуу үчүн тегерек кылып, биринин үстүнө бирин тизип, күйүүгө ылайыктап коюу. *Аял отко тезек жаңыртып калады* (Жантөшев). *Калоосун тапса—кар күйөт* (макал).

2. Тосуу, калкалоо. *Эшикке кийиз кала. Чий кала.*

ҚАЛА IV калаа менен бирдей.

ҚАЛАА *зат.* Шаар. *Бейше талаада, Шарше калаада болуп, көптөн бери көрүшкөн эмес* («Чалкан»).

ҚАЛАБА *зат.* Чыр-чатак, уруш-талаш. *Ал силердин кайда экениңерди билип калса, чоң калаба чыгышы мүмкүн* (Жантөшев). *Турдубай калабаны баштады* (Тоголок Молдо).

ҚАЛАБАЛУУ *сын.* Чыр-чатактуу, уруш-талаштуу. *Калабалуу шырдакты Кайсап жаным тынайын* (Тоголок Молдо). *Капталынан жете көр, Калабалуу Коңурду Ыргыта сайып өтө көр* («Манас»).

ҚАЛАЙ I *зат.* Күмүш түстүү жумшак ак металл. *Алтын, күмүш, жез, калай, Турдуу нефть кенге бай* (Акаев). *Сымап, күкүрт, калай, сурма, коргошун, Бул болгон соң дагы эмнелер болбосун* (Осмонкул)!

ҚАЛАЙ II *ат. сүйл.* Кандай.

ҚАЛАЙЛА *этиш.* Идишти калай менен чайкоо, жабуу, тешиктерин бүтөө, данакерлөө, калай менен кооздоо. *Жабдыгын күмүш калайлап, Үч багыштын Байназар, Кишимге куда болду эми* (Үсөнбаев). *Жалгыздын куюшканын калайлап, Мен куда болуп мал айдап* (Үсөнбаев).

ҚАЛАЙЛАТ калайла этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛАЙЛОО калайла этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛАЙЛУУ *сын.* Калайы бар; калайы көп. *Жылтыраган калайлуу Сандык сатты кайран эл* (Шайбеков). *Катарланган төөсүнө, Калайлуу кумган, жез чөвгүн Баарын жүктөп таштаптыр* («Эр Табылды»).

ҚАЛАЙМАН *зат.* 1. Чыр-чатак, чатак, бүлгүн, калаба, дүрбөлөң. *Хан Эсен-хан чамынып Калайманды баштады* («Манас»). *Аңдып жүрөт биздерди Бир калайман салганы* («Манас»). *Манасты издеп Эсен-хан Калайманды салды дейт* (Манас»).

2. Абдан оорчулук, кыйынчылык. *Калайман түшүп башыма, Кан какшадым буркурап* (Жантөшев).

ҚАЛАЙЫҚ *зат.* Эл-журт, калк, көпчүлүк. *Калайык туугап, калың журт, Кайта көрдүм түрүндү* (Токтогул). *Кош, аман тур, калайык, Козголдум эми жөнөйүмүн* («Эр Табылды»).

ҚАЛАҚ I *зат.* 1. Эки жаны жогору кайрылган, бир нерсени сүзүп алууга, салууга ылайыкталып жасалган күрөкчө. *Унга салган калактай, Аппак сакал чалдары* (Аалы).

2. Өсүмдүктөрдүн түбүн бошотуу, суюлтуу, отоо жана майда көчөттөрдү отургузуу үчүн темирден жасалган кичине күрөкчө. *Дмитрий чыңалган калакты тепшидеги суугa матырды* (Сыдыкбеков).

3. Сууну шилеп, кайыкты айдоо үчүн жыгачтан жасалган, суугa салына турган жагы жалпак, кармай турган жагы жумуру узун жыгач, эскек. *Калтылдап жалгыз кайык шилтеп калак, Үлгүргөн дайра менен жылып сүзгөн* («САЖИ»).

4. Дары-дармек өлчөөчү кичине жалпак кашыкча. *Колунда болот калактан Дары турат тамчылап* (Осмонкул). *Калакка өлчөп уу бердим, Кашык менен суу бердим* («Манас»).

5. Тамды шыбоо, майлоо үчүн темирден, жыгачтан жасалган жалпак курал. *Бакашака бардык жерде курулуш, Араа, балта, шыбак, калак шакылдайт* (Убукеев).

ҚАЛАҚ II калакай менен бирдей.

ҚАЛАҚАЙ *сырд.* Көкүсүнөн ысык нерсени кармап же басып алганда чочуп кетип айтылуучу сөз. *Калакай, ысык экен!*

ҚАЛАҚТА *этиш.* Калак менен сүзүү, калак менен алуу, калакты колдонуу.

ҚАЛАҚТОО калакта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛАМ калем менен бирдей.

ҚАЛАМА *зат.* Камырды жукалап жайып казанга бышырылган нан. *Тетиги каламадан эле ооз тийгизгилечи* (Бейшеналиев).

ҚАЛАМДАШ калемдеш менен бирдей.

ҚАЛАН кала этишинин ездүк мамилеси.

ҚАЛАТ калет менен бирдей.

ҚАЛАЧ: катын-калач *к.* **катын.**

ҚАЛБА *зат.* Уруш-талаш, чыр-чатак. *Жолойдон катуу калба чыр чыкты* («Манас»). *Карсылдашып чабышкан Уруш менен калба жок* («Семетей»).

ҚАЛБАГАЙ *сын.* Калбайган, калбыгый. *Калбагай ооз, барбагай мурун, кара сур жигит — Сатар* (Абдукаримов).

ҚАЛБАЙ *этиш.* Эрин же бир нерсе калың тартып эпсиз абалда болуу. *Калбайып оозу бирикпейт* (Каралаев).

ҚАЛБАЙТ калбай этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛБАЛАКТА калбаланда менен бирдей.

ҚАЛБАЛАҢДА *этиш.* Шашкалактап аркы-терки далбактоо, карбаластоо.

ҚАЛБАЛАҢДОО калбаланда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛБЫГЫЙ калбагай менен бирдей.

ҚАЛБЫЙ калбай менен бирдей.

ҚАЛБЫҚ *сын.* Калың эриндүү. *Калдагай баш, теңирекей мурун, калбык ооз — Зарлык* (Абдыраманов).

ҚАЛБЫҢДА *этиш.* Калың эриндерин кыймылга келтирүү.

ҚАЛБЫР *зат.* Майда тешиктери бар жука темирден, ичке сымдан эгин тазалоого, же кум ж. б. нерселердин ирилерин бөлүп чыгарууга ылайыкталып жасалган элек. *Буудайды калбырдан өткөрүү. Жөлөмө сым калбырлардын бетине чоң күрөк менен көмүр ыргытып жаткандар аяныч-туу.. көрүнөт* (Сасыкбаев).

◆ **Калбыр байлоо**— бирөөнүн үстүнөн жалган айтып ушактоо; жаманатты кылуу. **Калбыр болуу** — тытылуу, тешилүү, тамтыгы кетүү. [*Сатинге*].. *махорканын чогу түшүп, бир канча жери калбыр болуп тешилип калган* (Убукеев). **Калбыр өпкө, жез канат** — абдан күлүк, чаалыкпас, тулпар, дулдул. *Кара байыр казанат, Калбыр өпкө, жез канат Ат тулпарын минишип* («Манас»).

КАЛБЫРЛА *этиш.* Калбырга салып элөө, тазалоо, калбырдан өткөрүү. *Короолордо далай жеңе, Үрөндөрүн калбырлап, Сапырышса «орток кел» деп, Кызыл буудай жамгырлап* (Турусбеков).

КАЛБЫРЛАТ калбырла этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛБЫРЛАШ калбырла этишинин кош мамилеси.

КАЛБЫРЛОО калбырла этишинин кыймыл атоочу.

КАЛДАГАЙ *сын.* Калдайган, эпсиз чоң, олчогой, кеби-сыны жок чоң.

КАЛДАЙ *этиш.* 1. Далдайып чоң болуп көрүнүү.

2. Ийкемсиз далдайган көрүнүштө болуу. *Тери калдайып катып калды.*

КАЛДАЙТ калдай этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛДАКТА *этиш.* 1. Далдактоо, калдайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, канат шилтөө.

2. Карбаластоо, шашкалактоо, шашып-бушуп жүрүү. *Эргештин калдактап шашканын айтпа* («Ала-Тоо»). *Кызыл нарды карата Көкөтөй барат калдактап* («Эр Төштүк»).

КАЛДАКТОО калдакта этишинин кыймыл атоочу.

КАЛДАҢДА калдакта менен бирдей.

КАЛДАСТА *этиш.* Карбаластоо, шаштысы кетүү. *Калдастаган Чаргын Зарылга бурула карады* (Сыдыкбеков).

КАЛДАСТАТ калдаста этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛДАСТОО калдаста этишинин кыймыл атоочу.

КАЛДАЮУ калдай этишинин кыймыл атоочу.

КАЛДУУ *сын.* Калы бар. *Тигил калдуу жеңенин жалгыз уулу Касейинби?* (Сыдыкбеков).

КАЛДЫК *зат.* 1. Бир нерсенин арткан бөлүгү. *Тамекинин калдыгы. Чайдын калдыгы.*

2. Түгөнүп, бүтүп бараткан эскинин, көбүнчө коомдук эски көрүнүштүн али сакталып турган элементтери, саркындысы *Эски калдык, эски түрлөр түгөнүүдө тепселип* (Бөкөнбаев).

КАЛДЫР *туур.* Нерселердин бири-бирине тийишүүсүнөн урунуусунан, ж. б. чыккан үндү, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Арабанын калдыр-шалдыры жакындаган сайын тигилерге коркунуч көбөйдү* (Убукеев).

КАЛДЫРА *этиш.* Калдыр-калдыр этүү. *Бир убакта калдырап таштар кулап, асма көпүрөнүн жартысы жок болду* («САЖИ»). *Дептердин барагы Динар ачкан сайын калдырай берип, наркы мышыкты кызыктырды* (Сыдыкбеков).

КАЛДЫРАТ калдыра этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛДЫРКАН *зат.* 1. Каңылтыр темир.

2. Башкаларга караганда канаттары калдайып жазыраак келген көпөлөк. *Калдыркан жок калдайган, Жүрөт жетим көпөлөк* (Жантөшев). *Мен үч калдыркан көпөлөк кармадым* (Сыдыкбеков).

КАЛДЫРОО калдыра этишинин кыймыл атоочу.

КАЛЕМ *зат.* 1. Ичке жыгач таякчанын ичине графиттен өзөк салынган жазуу жана сүрөт тартуу үчүн колдонулуучу курал, карандаш. *Түшүндүм издегенин, калем бердим* (Үмөталиев). *Колума калем алып салдым нуска* (Тоголок Молдо).

2. Учуна уч сайып, сыя менен жаза турган жазуу куралы. *Базарбай, наркы үйдөн сыя, калемди алып келчи* (Абдукаримов). *Сары саптуу калемди сыяга улам малып коюп Сыдык үңкүйүп отурат* (Жантөшев).

◆ **Калем сап**— учуна уч сайып, сыя менен жаза турган жазуу куралы. **Калем уч** — калем сапка сайып жазуу ишине колдонууга ылайыкталып, курч темирден жасалган жазуу куралы. **Калем каш**— иймекей, ичке каш. **Канат калем** — баш жагын уч сыяктуу кылып кыя кесип калем катарында колдонулган канат. **Камыш калем** — уч сыяктуу кылып кыя кесип калем катарында колдонулган ичке камыш. **Калем акы** — 1) ар кандай документ кагаздарын жазып бергендиги үчүн берилүүчү акы; 2) *сүйл.* гонорар.

КАЛЕМДЕШ *зат.* Жазуучулук жагынан кесиптеш, кызматташ. *Калемдеш досум макулбу?* («Чалкан»).

КАЛЕМПИР *зат.* 1. Тамакка кошкондо ачуу даам чыгаруучу мөмөсү бар, данынан чыга турган огород өсүмдүгү.

2. Ушул мөмөдөн майдаланып жасалган тамакка кошулуучу порошок. *Калемпир ачуу — туз болбойт* (макал). *Бирөөндө помидор болсо, дагы бирөөндө калемпир дегендей, бардыгы бар* (Таштемиров).

КАЛЕМЧЕ *зат.* Жерге сайып өстүрүү үчүн кээ бир даректардын, жемиштердин бутагынан кесилип алынган, учу учталган кичине таякча. [*Шарип*].. *бутактарды кыйдырып келип, калемчелерди көмгөн* (Бейшеналиев).

КАЛЕНДАРДЫК *сын.* Календарга таандык. *Календардык план.*

КАЛЕНДАРЬ *зат.* 1. Жылдын ичиндеги күндөрдү, айларды тартиби менен көрсөтүп жана кээ бир орчундуу даталарга справка берүүчү таблица же китепче. *Жыртма календарь. Стол календары.*

2. Ушундай түрдө басылган, бирок кандайдыр бир турмуштун, илимдин тармагы боюнча маалымат берүүчү таблица же китепче. *Аялдар календары. Астрономдук календарь.*

3. Иштин айга, күнгө карата бөлүштүрүлүшү. *Иштердин календары.*

ҚАЛЕНДЕР *зат.* Диндик мазмундагы ырды айтып кайыр сураган адам, дубана, дервиш. *Календерин камоочу, Чын жинине тийгенде, Атакең молдолорун сабачу* («Манас»). *Календерге тай берди, Кайырчыга кой берди* («Эр Табылды»).

ҚАЛЕТ *сын.* Ката, жаңылыштык. *Мунуң калети жок сөз* (Бейшеналиев). *Таятамдын айтканында калети жок* (Жантөшев).

ҚАЛЕТСИЗ *сын.* Катасыз, туура. *Самыркандын айтканы эми Арзыкул үчүн калетсиз болду* (Байтемиров).

ҚАЛЖА *зат.* Төрөгөн аялдарга берилүүчү, сөөгүнөн ажырап эзилгенче бышырылган эт.

ҚАЛЖАЙ *этиш.* Өтө арыктап, сөөктөрү эле каркайып чыгып калуу. *Калжайган чоң өгүз. Кара сакал агында, Калжайып калган чагымда* («Манас»).

ҚАЛЖАКТА *этиш.* 1. Кылжындап эки жагына чайпалып басуу. *Ак короз калжактап басып, тоокканага мойнун созду* (Сыдыкбеков).

2. Келжирөө, оозуна эмне келсе, сүйлөй берүү.

3. Аны-муну сөз айтып тамашалашуу. *Карыса да кемпирлер Калжакташат чал менен* (Токтогул).

ҚАЛЖАКТАТ калжакта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЖАКТОО калжакта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛЖАҢ *сын.* Калжактап көп сүйлөгөн, келжирек.

ҚАЛЖАҢДА *этиш.* 1. Түз жүрө албай эки жакка чайпалып, теңселип жүрүү. *Картайыңкы тартыптыр, Калжаңдап келе жатыптыр* («Манас»).

2. Келжирөө, оозуна келгенин сүйлөй берүү, орунсуз сүйлөө.

ҚАЛЖАҢДАТ калжаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЖАҢДОО калжаңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛЖЫҢ *зат. диал.* Тамаша.

ҚАЛЖЫРА *этиш.* Орунсуз сүйлөө, оозуна келгенди оттой берүү, тантыроо. *Калжырап, оозуңа келгенди сүйлөбөй отур.*

ҚАЛЖЫРАТ калжыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЖЫРОО калжыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛИДОР *туурасы* **коридор.**

ҚАЛҚ *зат.* Эл. *Шаардын калкы. Калк орношкон пункт. Калк айтса, калп айтпайт* (макал).

ҚАЛҚА *зат.* 1. Далда, калканч, бир нерсени далдалоочу тосмо.

2. *өт.* Таянч, жөлөк, жардам. *Калкасы менен бирөөнүн Канча күн деги жашамак?* (Маликов).

ҚАЛҚАЙ калдай менен бирдей.

ҚАЛҚАЛА *этиш.* 1. Далдалоо, бир нерсени далдалап тосуу. *Чал карады буларга, Чекеге колун калкалап* (Жантөшев).

2. *өт.* Сактоо, коргоо. *Түбү жок терең дайрадан Сүзүп чыкты чалкалап, Жолдошторун калууга Жоодон аман калкалап* (Осмонкул). *Канат болчу калкыңды Калкалаган жакшы экен* (Барпы).

◆ **Баш калкалоо**— баш маана кылуу. *Алардын баш калкалап мында келишин бул жердегилер жаман көргөн жок* (Жантөшев).

ҚАЛҚАЛАН калкала этишинин өздүк мамилеси.

ҚАЛҚАЛАТ калкала этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛҚАЛОО калкала этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛҚАН 1. *зат.* Жоокерчиликте найза, кылыч жана башкалардан коргонуу үчүн металлдан жасалган согуштук курал. *Кылыч менен чабышып, Калканын тосо калышып* («Эр Табылды»).

2. Чүкөнүн таа жаккы таманына жакын калдайтып куюлган коргошун, кыт.

3. Чоң көпөлөк, калдыркан көпөлөк.

ҚАЛҚАНЧ *зат.* 1. Далда, тосмо, тосулган жер. *Кан-сөлү качкан бир немец Калканч жерге жетиптир* (Маликов).

2. *өт.* Таянч, жөлөк, жардам. *Душман болсо алыста, Калканчы болгун элиңдин* (Барпы).

ҚАЛҚАНЧЫ калканч менен бирдей.

ҚАЛҚАНЧЫК калканч менен бирдей.

ҚАЛҚУУ калкы этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛҚЫ *этиш.* 1. Чөкпөстөн суюктуктун үстүндө жүрүү, чөкпөгөн абалда болуу. [*Аскар*].. *Динарга берейин деген гүлдүн бири көбүккө аралаш калкып шарга кетти* (Сыдыкбеков). *Балыгы сууда чалкыган, Куулары көлдө калкыган* (Токтогул).

2. Канатын күүлөбөй, какпай жай каалгып сызуу, учуу. *Асмандан жерди акмалап, Бүркүтү калкып бийиктен* (Аалы).

3. *өт.* Өтө жай, билинер-билинбес болуп жылуу. *Чыгыш тараптан ай да жайбаракат гана калкып келатат* (Абдукаримов).

◆ **Илкип-калкуу**— өтө жай жүрүү, аран эле аягын кыбыратуу. *Мамбеткул илкип-калкып отуруп, Карабектин үйүнүн жанына барды* (Қаимов).

ҚАЛҚЫЛДА *этиш.* 1. Көбүнчө суюктуктун үстүндө термеле калкып жүрүү, термеле калкыган абалда болуу. *Көркөмү сонун пароход Көл үстүндө калкылдап* (Үсөнбаев). *Айлуу түн көлдө калкылдап, Кайыкта кетип бараттым* (Маликов).

2. Каалгып термеле учуу, термеле калкып учуу. *Күүлөнүп баарчын аскадан,Көккө чыкты калкылдап* (Осмонкул). *Калкылдап учкан өрдөк каз* (Токтогул).

3. Кускусу келүү, жүрөк айлануу. *Жүрөгүм калкылдап турат.*

4. *өт.* Қылкылдоо, жайноо, көп көрүнүү. *Калкылдаган калың эл.*

ҚАЛҚЫЛДАТ калкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛҚЫЛДОО калкылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛҚЫТ калкы этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЛА *зат. диал.* Баш.

КАЛЛИГРАФИЯ *зат.* Так жана кооз жазуу искусствосу, куш кат.

КАЛОО кала этишинин кыймыл атоочу.

КАЛОРИЯ *зат. физ.* Жылуулуктун санынын единицасы. *Чоң калория. Кичи калория.*

КАЛОШ *зат.* Бут кийимдер суу, ылай болбос үчүн сыртынан кийүүчү резинадан жасалган кепич сыяктуу бут кийим. *Кара пимага каптай кийген калошун.. жез үзөңгүгө шыкай теминип,.. кызыл жигит.. жээрде кашканын оозун катуу тартып тура калды* (Жантөшев).

КАЛП *сын.* Жалган, төгүн, туура эмес, чын эмес. *Пайгамбардын сөзү деп, Апырылтып калп айтса, Ишене бербе молдого* (Токтогул). *Мен сизге калп айтмак белем* (Жантөшев).

КАЛПА *зат. дин.* 1. Тарбиялоочу, жетекчи.

2. *тар.* Кенже группада окуган балдарга көзөмөл болуучу медресе окуучулары.

3. Эшендин жолун, ишин жолдоочу, улантуучу. *Калкты алдаган калпалар Оронун бөздөн селдени* (Токтогул). *«Катынды урган сооп» деп, Кордогону өтчү эле Эшен, молдо, калпанын* (Нуркамал).

КАЛПАК *зат.* 1. Көбүнчө жука ак кийизден төбөсүн бийигирээк кылып, этектерин түрүп коюуга ылайыкталып жасалган улуттук баш кийим. *Мамбеткул кемселин жамынып, калпагын кийип, эшикти көздөй басты* (Абдумомунов).

2. Шляпа. *Чий калпак.*

КАЛПЫ *этиш.* Сүттүн, айрандын жана башка суюктуктун бетиндеги каймагын, майын ж. б. үстүртөн жукалап алуу. *Сүттүн үстүн калпып, талкан мыкчып жегенди жакшы көрүшө турган* (Жантөшев).

КАЛПЫС *сын.* Жаздым, таамай эмес, орунсуз, оңтойсуз, туруктуу эмес, ыксыз. *Калпыс басып алуу. Калпыс коюу.*

КАЛПЫЧЫ *зат.* Жалганчы, туура сүйлөбөгөн, калпты көп айткан адам. *..Бул калпычы жигит* (Сыдыкбеков). *Калпычы атка коносуң, Бир эмес, жалпы калк айтса* (Токтогул).

КАЛТ: калт-калт этүү. — бир калыпта тегиз тура албоо. *Эпке келбейт калт-калт этет* («Ала-Тоо»).

КАЛТА *зат.* 1. Баштык. *Аяшпай той ээлери берил жатты, Эгинге толтурушуп калта, каптыр* (Үмөталиев). *Көтөрүп желкесине курчун, калта, Турмуштан чексиз азап тарта-тарта* (Шамшиев).

2. Кийимдин чөнтөгү. *Жан калта. Төш калта..Калтасында эки күндүк тамактык гана акчасы турат* (Баялинов).

КАЛТААРУУ калтаары этишинин кыймыл атоочу.

КАЛТААРЫ *этиш.* Батына албоо, апкаароо, коркуу, корккончулук эмне кылларын билбей калуу. *Казы, бийге калтаарып Барбайт элең, Токтогул(Барпы). Батина калтаарып үн катпады* («Кыргызстан аялдары»).

КАЛТАҢДА *этиш.* Жөн тура албай калт-култ этүү, бир калыпта тура албоо, калч-калч эткен сыяктуу абалда болуу. *Калтаңдаган абышка. Чыңкы өйдөдө басалбай Чымырканып калтаңдап* (Осмонкул).

КАЛТАР *зат.* 1. Кара күрөң түлкү, ошонун териси. *Калтар түлкү капталында жойлогон, Суктандырып суусар сууну бойлогон* (Осмонкул).

2. Ушул айбандын терисинен жасалган. *Алардын ичинде калтар ччик да бар* (Сыдыкбеков).

КАЛТЕК *зат.* Таяктан узун жана жоонурааак келген жумуру жыгач. *Мына дагы бир зор таш. Өстөнчүлөр бат эле ал ташты айланта үңүп, туш-тушган калтек согушту* (Сыдыкбеков).

КАЛТЫЛДА *этиш.* Калт-калт этүү. *Калтылдайт толкундагы жел кемедей* (Элебаев). *Эки колу калтылдап Эс алалбай калчылдап* («Эр Табылды»).

КАЛТЫЛДАК *сын.* Калтылдап турган, калтылдаган. *Калтылдак көпүрөдөн өткөн соң оңго бурулдук да.. жээктеп жүрүп кеттик* (Касымбеков).

КАЛТЫЛДАТ калтылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛТЫЛДОО калтылда этишинин кыймыл атоочу.

КАЛТЫР кал этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛТЫРА *этиш.* 1. Үшүгөндө, корккондо, кубанганда ж. б. токтоно албай титирөө, калчылдоо. *Ал кубангандан калтырап да кетти* (Аалы). *Калтырап коркуп тургандай, Кайратсыз өскөн жан белем* (Бөкөнбаев).

2. Сарандануу, зыкымдануу, дүңүйөгө, оокатка кароо болуу. *Жанынан беш тыйын чыкса, калтырай турган сарак киши. Чычканга түк бүткөн сайын калтырайт* (макал).

КАЛТЫРАК *сын.* 1. Токтоно албай калтыроочулук. *Бүткөн бойду калтырак басты. [Ажардын].. бүткөн боюна калтырак кирди* (Баялинов). *Бүткөн бою жылыбаган калтырак.*

2. *өт.* Өтө сарак, дүңүйөкор.

КАЛТЫРАТ калтыра этишинин аркылуу мамилеси.

КАЛТЫРОО калтыра этишинин кыймыл атоочу.

КАЛТЫС калпыс менен бирдей.

КАЛУУ кал этишинин кыймыл атоочу.

КАЛЧ: калч-калч этүү — корккондо, үшүгөндө, бир нерсеге капа болгондо ж. б. токтоно албай кетүү, титирөө, калтыроо. *Ызасы кайнаган узун жигит калч-калч этет* (Сыдыкбеков). *Муундары калч-калч этип.. Динар.. жогору устунга чыкты* (Сыдыкбеков).

КАЛЧА I *сын.* Түрү суук, өңү серт. *Кочкор тумшук, кош кирпик, Көркү калча, көзү тик* («Манас»).

КАЛЧА II *этиш.* Көп чүкөнү, топ таштын таштарын экчей таштоо, жая таштоо. *Төрт куу чүкөнү тазалаган жерге калчай баштады* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Убара кылуу, беймаза кылуу. *Мени шакаба чегип, ары-бери калчагысы келет* (Бейшеналиев).

ҚАЛЧАТ калча этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЧОО калча этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛЧЫЛДА *этиш.* Калч-калч этүү. *Ал [Гүлайым].. безгек болгон кишиче калчылдап кетти* (Абдукаримов).

ҚАЛЧЫЛДАТ калчылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЧЫЛДОО калчылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛЫ: калы килем *к.* **килем.**

ҚАЛЫБЕТ *сын.* 1. Алибеттүү, күчтүү, кайраттуу. *Калыбет жигит.*

2. Токтоо, салмактуу, оор басырыктуу. *Калыбет мүнөз менен эрикпей баштан аяк карады* («САЖИ»). *Калыбет, терең ойлогон Инженер чыкты жериңден* (Турусбеков).

ҚАЛЫБЫ *мсд.* Сыягы, болжолу. *Калыбы, атага абдан жаккан окшойт* (Каимов).

ҚАЛЫБЫНЧА *такт.* Ордунча, баштагысындай, мурункусундай, ошол боюнча. *Жакшы устага алып барсаң, Сынып калган буюмуң Калыбынча жасалат* (Осмонкул). *Калыбынча турган эч нерсе жок* (Жантөшев).

ҚАЛЫҢ I *зат.* Кызды күйөөгө бергенде алынуучу мал-мүлк. *Кызын күйөөгө берип, калың, мал ала турган киши мен эмес* («САЖИ»).

ҚАЛЫҢ II *сын.* 1. Жука эмес, жуканын карама-каршысы. *Кар калың жаады* (Убукеев). *Сомдоп алган комузум Капкагы калың карагай* (Токтогул).

2. Көп. *Калдайган калың эл үчүн Кайраты мол шер жакшы* (Жантөшев). *Кайраты бар Курманбек, Калың колдон тайбаган* («Курманбек»).

3. Жыш, коюу, көп. *Биз тигил калың бактуу кыштакка барабыз* (Сыдыкбеков).

ҚАЛЫҢДА *этиш.* 1. Калың кылуу, калың болуу. *Кары калыңдап, бороону борошолой берди* (Убукеев).

2. Көбөйүү, жыш болуу, коюулануу. *Калыңдап бүр байлаган гүлдүн шагы* (Бөкөнбаев). *Уламдан-улам күн калыңдап бүркөлүп келет* (Жантөшев). *[Булут].. калыңдап куралса, жаан жаадырат* (Сыдыкбеков).

3. Калың кийинүү, жылуулануу. *Калыңдап кийинди.*

ҚАЛЫҢДАН калыңда этишинин туюк мамилеси.

ҚАЛЫҢДАТ калыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАЛЫҢДОО калыңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚАЛЫП *зат.* 1. Жасалуучу, куюлуучу нерсенин үлгүсү, кеби. *[Аскар].. ылайды күрөктөп сузун, калыпка карай ашыгат* (Сыдыкбеков). *[Назаров].. күрөк алып, калыпка топурак ыргытты* (Убукеев).

2. Белгилүү бир абал. *[Эрке кыз].. жылмайган калыбын жазбай, кеп салды* (Байтемиров). *Көчөдөгү көрүнүш күндөгү калыбында* (Жантөшев).

◆ **Калып алуу**— 1) көнүп калуу, үйрөнүп калуу, адетке айлануу. *Жедеп ага калып алып калганбы, Күмүш жанатадан бери бир канча ирет эки жагын кылчактап карады* (Байтемиров); 2) кеп алуу, орунтукталуу. **Калыбына келүү** — мурунку абалына, мурунку ордуна келүү, баштагысындай, мурункусундай болуу. *Аз күндө айыгып бул жарат, Калыбына келермин* («Эр Табылды»). *Байланыш калыбына келтирилди* (Бөкөнбаев).

ҚАЛЫС *сын.* 1. Туура сүйлөгөн, чынын айткан, баарына тегиз караган, адилет. *Ар кайсыны тең ойлойт Азамат эрдин калысы* (Осмонкул).

2. Эки тарапка тең кошулбай,ортодо калган. *Мен калыс адаммын* (Убукеев). *Көпчүлүк жактап, азчылык каршы кол көтөрдү, калыс калуучу болгон жок.*

ҚАЛЫСТЫК *зат.* 1. Туура сүйлөвчүлүк, чынчылдык, баарына тегиз караган адилеттүүлүк. *Жашынан өзүн ак ниеттүүлүккө, калыстыкка, тактыкка, эмгекке үйрөтүү керек* (Байтемиров). — *Э, кагылайын Макиш, калыстыгыңды айтчы* (Сыдыкбеков). *Ал киши да көк экен, бышырып жесең да, калыстыгымды айтам деп койду* (Байтемиров).

2. Эч бир тарапка кошулбай, ортодо калуучулук.

ҚАЛЬКА *зат.* 1. Сүрөттүн же чийменин көчүрмөсүн так түшүрүп алуу үчүн колдонулуучу тунук жылтырак кагаз же кездеме.

2. Ушундай кагаз аркылуу түшүрүлгөн көчүрмө, үлгү.

ҚАЛЬКУЛЯТОР *зат.* Калькуляция түзүүчү, калькуляция жагынан специалист.

ҚАЛЬКУЛЯЦИЯ *зат.* Продукциянын туруш наркын жана сатуу баасын эсептеп чыгаруу.

ҚАЛЬЦИЙ *зат.* Күмүш сыяктуу ак, жалтырак металл, химиялык элемент.

ҚАМ I *зат.* 1. Камылга, аракет, даярдык. *Эл үчүн кызмат кылсам деп, Эр жигиттин камы бар* («Эр Табылды»). *Малыңды жутка алдырбай, Кам көбөйтүп кыш чыгар* (Осмонкул). *Жаман адам белгиси Өз камы үчүн жүгүрөт* (Токтогул).

◆ **Кам жеш, кам көрүү, кам уруу**— көңүл буруу, жардам кылуу, аракеттенүү, камынуу, даярдык көрүү. **Кам санабоо** — ойлоп тынчсызданбоо, убайым тартпоо. — *Күлжан экөөбүз барда иштен кам санабаңыз, Иван Петрович* (Байтемиров).

ҚАМ II *сын.* 1. Чийки, бышпаган. *Арпа али кам.*

2. *өт.* Чала, толук эмес. *Иштп кам кылып койду* (Абдукаримов).

ҚАМА I *этиш.* 1. Тегеректеп алуу, курчап алуу, туш-тушунан кысып кирүү. *Камап турган бул жоого Качырып кол салабыз* (Турусбеков). *Эл чогулуп бир күнү Чыңгыштын айлын камады* (Жантөшев).

2. Камакка алуу, түрмөгө салуу, түрмөгө отургузуу.

3. Кысылган, кыйын абалда калтыруу. *Сөзгө жыгыш үчүн экөөлөп камап, шаштысын кетире башташтыбы.*

КАМА II *этиш.* Чала бышкан көк жемишти жегенден тиш какшап ооруу. *Тоң алма тишти камады.*

КАМААРА камыра менен бирдей.

КАМАК *зат.* Түрмө, камоодо болуучулук. *Калкыма качан кетемин, Камактан бошоор бекенмин* (Токтогул). *Камакта жүргөн кезиңде Кайгырып канча ырдадың* (Осмонкул).

КАМАЛ кама этишинин туюк мамилеси.

КАМАЛА *этиш.* Камап кирүү, тушту-штан тосуу, курчоо, кысымга алуу. *Тегеректеп камалап, «Байлайбыз» деп барганбыз, Тепкилеп уруп сабалап* (Үсөнбаев). *Ортого алды камалап* (Барпы).

КАМАЛОО камала этишинин кыймыл атоочу.

КАМАН *зат.* Жапайы чочко.

2. Бакма чочконун эркеги.

КАМАТ кама этишинин аркылуу мамилеси.

КАМБАР *зат.* Өзгөчө касиети бар, мыкты жылкы. *Айгыры зоот аргымак Айтылуу тулпар камбардан.*

◆ **Камбар ата** — мифологиялык түшүнүк боюнча: жылкынын түпкү бабасы, колдоочусу.

КАМБЫЛ *сын.* Сарамжалдуу, жыйнактуу, эпчил, көбүрөөк кам жей турган. *Шопок өзүнө тың, оокатка чыйрак, эмгекке камбыл киши болгон* (Бөкөнбаев). *Бурма оокатка камбыл, шайыр киши* (Бөкөнбаев). *Чаң көзүнө толо элек, Чабышка камбыл боло элек* («Манас»). *Жоого камбыл баатырлары.. кеңешишти* («Эр Табылды»).

КАМБЫЛДЫК *зат.* Сарамжалдуулук, жыйнактуулук, эптүүлүк. *Анын эмгек сүйгүчтүгү, камбылдыгы мага да жагат* (Каимов). *Казан суудан көрүнсө, Камбылдыгың сала көр, Төрт Маамыт менен бешөөлөп, Тезинен тартып ала көр* («Эр Төштүк»).

КАМГАК *зат.* Шамалга туруштук бере албаган жеңил өсүмдүк. *Тыягына тикен, камгак, кара куурайдан башка чөп чыгуучу эмес* (Убукеев). [*Шамалдан*].. *камгактар калданып томолонот* (Жантөшев).

КАМГАКТАЙ *сын.* Камгак сыяктуу, абдан жеңил.

КАМДА *этиш.* Даярдоо, белендөө, даяр кылуу. *Камдагыла колхоздун Бардык шайман-куралын* (Осмонкул). *Курма [Айдайдын] кийим-кечелерин камдай баштады* (Каимов).

КАМДАН камда этишинин өздүк мамилеси.

КАМДАТ камда этишинин аркылуу мамилеси.

КАМДАШ камда этишинин кош мамилеси.

КАМДОО камда этишинин кыймыл атоочу.

КАМДУУ *сын.* 1. Камкор. *Эсен ак көңүл, меймандос, колунда барын.. аябаган камдуу киши* (Бейшеналиев). *Камдуулар китеп, дептерин иретке келтирүүдө* (Бейшеналиев).

2. Камы бар, даярдыгы бар.

КАМЕРА I *зат.* Айрым мекемелердеги (мис., тюрьмадагы) өзгөчө милдетке ылайык жасалган атайын бөлмө.

КАМЕРА II *зат.* 1. Кандайдыр бир прибордун, жабдыктын ичиндеги бошток, көндөй.

2. Фотографиялык сүрөттөр түшүрүү үчүн колдонула турган, ичине жарык кирбей турган ящик.

3. Футбол, волейбол топторунун, шинанын ж. б. ичине салып, жел толтурула турган резина баштыкча.

КАМКА *зат.* Алтын менен күмүштүн буусуна карматылып түрдөп токулган кездеме. *Камка тонун Каныштын Башына чумкөй жамынды* (Жантөшев). *Сүйүнчүм бар алуучу, Ат токуп, камка тон бергин* (Жантөшев).

КАМКОР *сын.* Сарамжалдуу, камбыл. *Ал адегенде эле камкор, чыйрак чыкты* (Сыдыкбеков).

КОМКОРДУК *зат.* Камбылдык, сарамжалдуулук, кам көрүүчүлүк. *Совет өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып.. өстүрүп жатат* (Баялинов).

КАМОО кама этишинин кыймыл атоочу.

КАМПА *зат.* Дан, эгин, же башка азыктүлүк сакталуучу жай. *Ак буудайым көп болсун, Кампаларга жык толсун* (Үмөталиев). *Жайлай эмгектенген эл ак данга кампа толтурат* (Сыдыкбеков).

КАМПАЙ *этиш.* 1. Чоң көрүнүү, дардаюу. *Кай бирлери кампайган куржундарын атка арта салып алышкан* (Каимов). *Ыкшоо ала бөйрөк, кара уй кампайып.. жатты* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Көтөрүлүү, мактануу, компоюу. *Бир жакшы бардеңкем бар эле, ошону бердим деп кампайып койду* («САЖИ»).

КАМПАЙТ кампай этишинин аркылуу мамилеси.

КАМПАНИЯ *зат.* 1. Согуш убагындагы согуштук аракеттердин белгилүү бир жыйындысы.

2. Өтө маанилүү бир коомдук, саясий же чарбалык милдеттерди аткаруу чаралары. *Шайлоо кампаниясы. Оруу-жыюу кампаниясы. Туут кампаниясы.*

КАМПАЧЫ *зат.* Кампадагы азык-түлүк, эгин жана башкаларды кармаган, башкарган адам. *Дүйшөнкулду колхозчулар кампачы кылып шайлашты* (Бөкөнбаев).

КАМПАЮУ кампай этишинин кыймыл атоочу.

КАМПЫЙ кампай менен бирдей.

КАМПЫЙТУУ кампыйт этишинин аркылуу мамилеси.

КАМСОО *сын.* Жылуулук, тоскоол, далда. *Камсоосу жок жука бешмант. Бешмантым этти жылуу алып жүрбөсө да, анча-мынча камсоосу бар.*

КАМСУРП кансуп менен бирдей.

КАМСЫЗ *сын.* 1. Камы жок, даярдыгы жок. *Камсыз жаткан Жаңылга Калың кошун барышты* (Тоголок Молдо).

2. Жетиштүү. *Механизаторлор керектүү турмуштук шарттар менен камсыз кылынган* («Советтик Кыргызстан»). *Пахтанын бардык аянттарында жаадырып су-*

гаруу камсыз болду («Советтик Кыргызстан»).

КАМСЫЗДАНДЫР *этиш.* 1. Камсыз кылуу, жетиштүү кылуу, керектүү нерсесин толук кылуу.

2. Атайын мекемелерге үй-мүлктү, чарбаны, малды жана өмүрдү камсыздандыруудан өткөрүү, каттатуу.

КАМСЫЗДАНДЫРУУ *зат.* Ар кандай кокустуктарга, кырсыктарга дуушар болгон учурларда камсыздандырылган үй, мүлк, чарба ж. б. үчүн ушул ишти жүргүзгөн атайын мекемелерден тиешелүү сумманы алуу үчүн зарыл болгон мүчөлүк акыны төлөп туруу жолу.

КАМСЫЗДАНДЫРУУ II камсыздандыр этишинин кыймыл атоочу.

КАМТУУ камты этишинин кыймыл атоочу.

КАМТЫ *этиш.* 1. Бир нерсени бириктире кармоо. [*Сулай эне*] *Абазды камтый кармап өзүнө тартты* (Таштемиров).

2. Ичине алуу. *Жанрга канчалык бай болсо, турмуштун ар түрдүү окуяларын ошончолук кеңири камтый алат* («Ала-Тоо»).

КАМЧЫ *зат.* Бир жак учу сабына бекитилип, атчан киши атты чабуу үчүн колдонулуучу ортосуна өзөк салынып өрүлгөн кайыш. *Ала айгырга камчы уруп, Конокбай балбан жеткени* («Эр Төштүк»). *Сарыбаш Калмурат карыяны.. камчы менен чыпылдатып сабап жатты* (Абдукаримов).

◆ **Мырза камчы**— эликтин шыйрагына, мүйүзгө сапталып, өрүмү, сабы жакшы кооздолгон камчы. **Камчыга алуу** — камчы менен сабоо, жазалоо. **Кызыл камчы** — урушчаак, ачуулуу, каардуу, ырайымсыз. **Камчысын чабуу** — бирөөгө кошоматчылык кылуу, кызыкчылыгын жактоо, колдоо, анын тарабына кошулуп кетүү. **Камчыга ченеп бөлүү** — душман жеңилгенде алардын мүлкүн, түшкөн олжону кимдин канчалык эрдик көрсөткөнүнө жараша бөлүштүрүү.

КАМЧЫЛА *этиш.* Камчы менен чабуу. *Камчыласа турбастан, Жатып алды кызыл нар* («Эр Төштүк»).

КАМЧЫЛАН камчыла этишинин өздүк мамилеси.

КАМЧЫЛАТ камчыла этишинин аркылуу мамилеси.

КАМЧЫЛАШ камчыла этишинин кош мамилеси.

КАМЧЫЛОО камчыла этишинин кыймыл атоочу.

КАМЫГУУ камык этишинин кыймыл атоочу.

КАМЫК *этиш.* 1. Ысып, тердеп кетүү. *Жолоочулар камыга түштү..* (Сыдыкбеков). *Кара тер басып камыгып, Кара бою ымыгып* («Манас»). *Торгой адырдын ысыгына камыккан эмедей абага бийик көтөрүлдү* (Абдукаримов).

2. *өт.* Капаланууу, кайгыруу. *Камыкпа, Бектур карыя, Каскактуу найза аларбыз* (Турусбеков). *Канчалык кайгы тору курчаса да, Камыгып эч бирине селт этпедим* (Элебаев).

КАМЫЛГА *зат.* Даярдык. *Камылгаңарды жакшы көрүп, малыңарды.. жакшы баккыла* (Абдумомунов).

КАМЫЛГАЛУУ *сын.* Камылгасы бар, даярдыгы бар. *Отряддын адамдары камылгалуу* (Сыдыкбеков).

КАМЫН *этиш.* Даярдануу, даярдык көрүү, беленденүү. *Эстүү бала сабакка Эрте туруп камынат* (Осмонкул). *Жаз алды менен камынып, Айдадың колхоз эгинди* (Үсөнбаев).

КАМЫНТ камын этишинин аркылуу мамилеси.

КАМЫНУУ камын этишинин кыймыл атоочу.

КАМЫР *зат.* Нан, кесме жана башка жасоо үчүн унга суу же кээде сүт кошуп жуурулган масса. [*Саадат менен Зейнеп*].. *бири камыр жууруса, экинчиси сорпону сапырат* (Айтматов). *Бегайым.. камыр жууруп жатат* (Жантөшев).

◆ **Камыр туруш**— камыр ачыткы, камырды ачытуу үчүн ачыган камырдан калтырылып коюлган бөлүгү. **Камыр-жумур болуу** — бири-бири менен эң эле жакын, эң эле ынтымактуу, мамилелүү, дос болуу. *Эх, бардык эмгекчи эл биригип камыр-жумур боло калса, кандай сонун болор эле* (Жантөшев). **Камырдан кыл суургандай** — жигин билгизбей, шек алдырбай, оңой-олтоң, эптүүлүк менен.

КАМЫРА: камырап койбоо — кенебөө, оюна, капарына албоо, кам санабоо. *Камырабай кайраттанып иштей бер* (Осмонкул). *Азырынча камырабай жата бер* (Кәимов).

КАМЫРАБАСТЫК *зат.* Эч нерсени оюна, капарына албастык, кенебестик, кам санабоочулук.

КАМЫШ *зат.* Саздуу, суулуу жерде өсүүчү узун сабактуу, учтуу узун жалбырактары бар өсүмдүк. *Бала калың камышка туш келди* («Жомоктор»). *Көлдүн айланасына өскөн камыш көлдүн.. көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшев).

◆ **Камыш кулак**— ичке тик кулак (жылкыга карата).

КАМЫШТУУ *сын.* Камышы бар, камышы калың, көп. *Камыштуу саздан.. чардаган бакалардын үнүнөн кулак тунат* (Абдукаримов).

КАН I *зат.* Дененин бардык клеткаларын азыктандыруучу жана заттарды алмаштыруучу, организмди тамырлар аркылуу айланып жүрүүчү кызыл түстүү суюктук. *Күлчородон ал кетти, Кара курум кан кетти* («Семетей»). *Сатылгандын оозунан кан.. акты* (Аалы).

◆ **Арам кан** *к.* **арам. Кан буугандай** — өтө тез, дароо, ылдам. **Кан ичер** — канкор, ырайымсыз, мыкаачы. *Кан ичер жоонду жеңүүгө камданып чыккам калкымдан* (Бөкөнбаев). **Кайнаса каны кошулбоо** — эч ыркы келишпөө, эч келише албоо, бири-бирине кас болуу. [*Бай-манаптар*].. *кайнаса каныбыз кошулбай турган душманыбыз* (Жантөшев). **Кан какшоо к. какша. Кашык каны калганча**— өмүрүнүн акырына чейин, бардык күчү түгөнгөнчө.

Атыш, чабыш аянбай, Кашык каның калганча (Нуркамал). **Каны катуу** *к.* **кат IV. Кан жутуу** — абдан кайгыруу, аза күтүү, капа болуу. *Кантээр айла таба албай, Кан жуткансың ичиңде* (Токтогул). **Кан-сөлү жок** — каны, кызылы жок, кубарган, кумсарган. [*Гүлайым*].. *кан-сөлү жок бозоруп, жаак эти шимилген* (Бейшеналиев). **Кан жалатуу** — оозу-мурдун кандоо, оозу-мурдунан кан чыгара муштоо, катуу жазалоо, уруу. *А түгүл* [*байлар*] *мына минтип оозубузду кан жалата токмоктошот* (Абдукаримов). **Ичинен кан өтүү** — аябай кейүү, өкүнүү, кайгыруу. **Каны ичине тартуу** — кубарып-кумсаруу, каны качуу. *Каныбектин каны ичине тартып, тиштери кычырап, жаак эттери түйүлө баштады* (Жантөшев). **Каны кайноо** — ачуусу келүү, кызырлануу, жини келүү. *Арзыкул эми каны кайнап, тиштерин кычыратып отурат* (Байтемиров). **Каны кызуу** *к.* **кызы. Кан майдан** — кан төгүлгөн согуш, уруш, салгылаш. *Талыкшыбай кан майданды аралап, Талкаладың, залим тобун айдадың* (Бөкөнбаев). *Ашыгы кан майданга жөнөгөндө, Ичинен бакыт тилеп жаш имерген* (Осмонов). **Кан соргуч** — эзүүчү, бирөөнүн эмгегинин эсебинен жашоочу. *Кан соргучтар ойлобойт Бечараның убалын* (Токтогул). *Ичиңерде калбасын Кан соргучтун баласы* (Тоголок Молдо). **Кан чыгайлуу** — кызылдуу, кызыл жүздүү, сулуу. **Кан темир** — чагылгандын огу, чагылгандан түшкөн таш.

КАН II хан менен бирдей.

КАН III *этиш.* 1. Суусаганы басылуу. 2. *өт.* Канааттануу, алымсынуу, алымсындырарлык абалга жетүү. *Илимге балам кан деди, Аскерлик милдет ал деди* (Барпы).

КАНА I *ат.* 1. Кайда, кайсы деген мааниде колдонулат. *Китебим кана?* 2. Бир нерсеге көңүл бурдуруу, бир нерсени баштарда көңүлдү ошо жакка топтоо үчүн айтылат. *Кана эмесе, кезегиң, Кайсыны ырдар экенсиң* (Токтогул). *—Кана, кимден баштамалсын?* (Сыдыкбеков).

КАНА II *этиш.* Кан чыгуу, кан агуу. *Буюрбаган ашка мурун канайт* (макал).

◆ **Согончогу каноо** — бала төрөө, баланууу болуу. *Каныңдын ушул күнгө чейин согончогу канай элек* (Бейшеналиев). **Канап-бутоо** — кыйратуу, кайсоо, түгөтүү. *Өткөн менен кеткенди Канап-бутап жоготкон* («Манас»). *Чоң айыл кичи айылды канап-бутап жиберер бекен* (Убукеев).

КАНААТ *зат.* Алымсынгандык, ыраазы болгондук, каниет. *Канаат деп бир мүнөз бар албайт сурап, Тапканын оокат кылат эптеп курап* (Тоголок Молдо).

КАНААТТАН *этиш.* Алымсынуу, каниет алуу, ыраазы болуу.

КАНААТТАНДЫРАРДЫК канааттандырарлык менен бирдей.

КАНААТТАНДЫРАРЛЫК *зат.* **Алымсынарлык, ыраазы болорлук.**

КАНААТТАНДЫР канааттан этишинин аркылуу мамилеси.

КАНААТТАНУУ канааттан этишинин кыймыл атоочу.

КАНАГАТ канаат менен бирдей.

КАНАГАТТАНДЫРАРЛЫК канааттандырарлык менен бирдей.

КАНАКЕЙ кана менен бирдей.

КАНАЛ *зат.* 1. Суу агызуу үчүн казып жасалган чоң арык, өстөн. *Канал казып туш-туштан, Агызды терең дайраны* (Үсөнбаев). *Чүй каналын казууга булгаары заводунун жумушчулары да барышты* (Сасыкбаев).

2. Бир нерсенин ичиндеги труба сыяктуу көңдөй, сай.

КАНАЛИЗАЦИЯ *зат.* Тазалык үчүн жер алды менен ар нерсени агызып жиберүүгө ылайыкталган трубалар системасы.

КАНАР *зат.* Пахта, саман ж. б. салуу үчүн жасалган абдан чоң мешок.

КАНАРДАЙ *сын.* Эби-сыны жок, чоң, олчогой, дардайган.

КАНАТ *зат.* Сымдан эшилип жасалган жоон аркан. [*Мусабек*].. *канат жолду кайтарчу болуп алгансыңбы?* [*деди Андрей*] (Сасыкбаев). [*Даша*].. *канат будкасында вагонетка тейлөөчү болуп калган* (Сасыкбаев).

КАНАТ I *зат.* 1. Куштардын жана учуучу жаныбарлардын учууга ылайыкталган мүчөсү. *Бадалдан канатын жарк эткизип сагызган учту* (Сыдыкбеков). *Сүзүп жүргөн эки өрдөк.. мемиреген көлдү канаттары менен чапкылап уча жөнөдү* (Сыдыкбеков).

2. Самолёттун жерден көтөрүлүшүнө жана абада учушуна мүмкүндүк бере турган эки капталына орнотулган жалпак бөлүгү.

3. *өт.* Жардамчы, колдоочу, жөлөк, өбөк, тирек. *Кайрылар сенде канат жок, Капаланып күйөмүн* (Үсөнбаев). *Эр жигит, жакшы болсо алган жарың, Ал сага канат, куйрук, келген багың* (Шүкүрбеков).

◆ **Каз канаттап** *же* **каз канат болуп туруу** — жардашып туруу, катар-катар болуп туруу. *Каз канаттап турган жортуулчуларды көздөй жөнөдү* (Жантөшев). **Канат-бутак** — жөлөк, тирек, жардамчы, колдоочу, көмөкчү. *Ар кимге эле канат-бутак керек эмеспи* (Маликов). **Темир канат** — 1) балапандын канат түтүкчөлөрү пайда болгон учуру; 2) *өт.* жаш. *Темир канат.. кезиңерден бери тарбиялап, эми силерди шумкар кылып учурду* («САЖИ»). *Темир канат кезимде, партия мени ушул мектепке жиберген эле* (Сыдыкбеков). **Канат жаюу** — кулач жаюу, тароо, жайылуу. *Ташкент темир жолчуларынын арасында мындай кыймыл өзгөчө кеңири канат жайды* (Абдукаримов).

КАНАТ II кана этишинин аркылуу мамилеси.

КАНАТТАШ *сын.* **1. Тилектеш, таламдаш, боордош, жардамдаш.** *Бир боорум, канатташым, баатыр Нурлан, Эл үчүн эрдик менен болдуң курман* (Аалы).

2. Жамаатташ, коңшу, аралаш, биргелеш, чектеш. *Жерибиз бирге канатташ, Элибиз бирге жамаатташ* (Осмонкул).

Канатташ турган казагы Кабарын угуп турганы («Манас»). *Көрчү.. он алты түтүн коңшусу менен Рыскулбектин айлына канатташ конду* (Аалы).

КАНАТТУУ *сын.* 1. Канаты бар.

2. Жалпы куштар. *Кийинки жылдардан бери колхоздо канаттуулар көбөйүүдө* (Каимов).

3. *өт.* Күлүк. *Сөзүмө кулак салыңыз, Канаттуу кара бээңди Чалгынга минип алыңыз* («Эр Төштүк»).

4. *өт.* Ага-туугандуу.

КАНДА *этиш.* Канатуу, кан чыгаруу, кан чыгара уруу. *Рыскулбек датка балдары Кедейлерди келтектеп, Далайдын башын кандады* (Токтогул).

КАНДАГАЙ *зат.* Балбандар, баатырлар кийүүчү, багалеги кенен, текенин терисинен ийленип жасалган шым. *Кандагай шымды кийгизди, Жетик катын Айчүрөк Жетиктигин билгизди* («Сейтек»). *Кагышка балбан кийүүчү, Алманбет уулу Күлчоро Кандагай болду кийгени* («Сейтек»).

КАНДАЙ *ат.* 1. Бир нерсенин түрүн, түсүн, сапатын, касиетин билүү үчүн берилүүчү суроо. *Искендер, дарманың кандай?* (Турусбеков). *Топостун эти кандай болот, Медер ата?! — деди Акбар* (Убукеев).

2. *өт.* Бир нерсени экинчи нерсеге салыштыра көрсөтүү үчүн колдонулат. *Боз тамдын сырты кандай жарды болсо, ичи да ошондой эле* (Сыдыкбеков). *..Жомокто айтылган бөз баштык кандай болсо, биздин чанач нак ошондой* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Тандануунуу, суктануунуу билдирген учурларда колдонулат. *Кандай ысык, кандай жакын өскөн жер!* (Аалы).

◆ **Алда кандай** *к.* **алда II. Ар кандай** — ар түрдүү. *Алтыбайдай калмакка Ар кандай кызмат кылгансың* («Эр Табылды»). **Эч кандай** — эч бир, түк, кенедей да. *Эч кандай табып анын оорусуна дары таба албады* (Аалы).

КАНДАЙДЫР *ат.* Эмнегедир, эмне үчүндүр. *Аттардын.. топ-топ болуп жайылышы.. кандайдыр бир сонун сыяктанат* (Жантөшев). *Ызакул кандайдыр бир иш менен сыртка чыгып кеткен экен* (Бейшеналиев). *Зарыл.. кандайдыр бир дүрбөлөңдүү окуя башталганын байкады* (Сыдыкбеков).

КАНДАЙЧА *такт.* Бир нерсенин жөнжайын билүү үчүн берилүүчү суроо. *Кандайча жумуш болгонун Калтырбай айтып беремин* (Маликов). *кандайча кылып багасыз* (Жантөшев).

КАНДАЛА кантала I менен бирдей.

КАНДАТ канда этишинин аркылуу мамилеси.

КАНДАШ *сын.* Боордош, каны бир, теги жакын. *«Аталаш, кандаш жан дос» деп. Арнадым сага ушуну* (Маликов). *Өлөң тилдүү дили бирге кандашым* (Аалы).

КАНДЕК *зат.* Кичинекей иттин бир түрү. *Кандектин карылыгы биличбейт* (макал).

КАНДИДАТ *зат.* 1. Шайлануруга, бир ишке дайындалууга же бир уюмга алынууга белгиленген адам.

2. Диссертация жактоо. аркылуу ээ болгон кенже илимий даража жана ошондой даражасы бар адам (окумуштуу).

3. XIX кылымдын 80-жылдарына чейин Россияда жогорку окуу жайларын артыкчылык менен бүтүрүүчүлөргө берилүүчү кенже илимий даража.

КАНДИДАТТЫК *сын.* Кандидатка таандык.

КАНДИДАТУРА *зат.* Кимдир бирөөнү кандидат катарында көрсөтүү мүмкүнчүлүгү же укугу. *Ылайыктуу кандидатура. Бирөөнүн кандидатурасын көрсөтүү.*

КАНДОО канда этишинин кыймыл атоочу.

КАНДУУ *сын.* 1. Каны бар, кан аралаш. *Кандуу көбүк бул көлдөн Кайнап чыгат деди эле* («Эр Төштүк»).

2. Кан көп төгүлгөн, кырылган, кыргындуу, өлүмдүү. *Алтын тарых барагына чиймеле Кандуу майдан, күрөшүнүн жылдарын* (Шимеев).

◆ **Таза кандуу**— асыл тукум, зоот. *Таза кандуу, тайкы жал, Тайлары зоот чалыштан* (Осмонкул).

КАНДЫР кан этишинин аркылуу мамилеси.

КАНЕТ кант III менен бирдей.

КАНЖА *зат.* Уч жагында тамеки салуучу кичине чөйчөкчөсү бар, оозго салуучу жагы ичкерээк келген тамеки тарткыч аспап, мүштөктүн бир түрү. *Оозунда канжа бурулдап* («Эр Табылды»). *Жезекчиси көрүнөт, Канжанын оту жылтылдап* («Эр Табылды»).

КАНЖАЛА *этиш.* Көбүнчө бети-башы, оозу-мурду кан болуу.

КАНЖАЛАТ канжала этишинин аркылуу мамилеси.

КАНЖАР *зат.* Курал катарында пайдалануучу эки миздүү, учтуу чоң бычак. *Канжар менен Канкорлордон, Кан жуткуздум канчаны* (Нуркамал). *Жеңине катканкан канжарды Чыгарып колго алды эми* (Үсөнбаев). *Калканды баштан жулушуп, Канжар менен урушуп* («Эр Табылды»).

КАНЖЫГА *зат.* Буюмду байлап алуу же бөктөрүү үчүн ээрдин эки капталынын арт жагына тагылуучу боо. *Аманат койгон ноктo эле, Канжыгаңа чала кел* («Манас»). *Бир кыргоол менен коён менин канжыгамда* (Каимов).

◆ **Канжыга жол**— жалгыз аяк жол, ичке жол.

КАНЖЫГАЛА *этиш.* Канжыгага байлоо, бөктөрүнүү.

КАНЖЫГАЛОО канжыгала этишинин кыймыл атоочу.

КАНИЕТ *зат.* Алымсынгандык, ыраазы болгондук. *Мейман.. алдыга келген даамга каниет кылды* (Касымбеков). *Колуңда барына каниет кылсаңчы* (Бейшеналиев). *Калкымды көрдүм—каниет* (Токтогул).

КАНИЕТТЕН *этиш.* Алымсынуу, ыраазы болуу, каниет кылуу. *[Токобай].. өз үйүнө келип, өлөң төшөгүн басканга каниеттенип тыңч уктады* (Каимов).

КАНИК канык менен бирдей.

КАНИКУЛ *зат.* Окуу жайларындагы окуучулар үчүн белгилүү бир убакытка берилген дем алыш мезгили.

КАНИМЕТ каниет менен бирдей.

КАНКОР I *сын.* Кан ичер, мыкаачы, ырайымсыз. *Канкорлорду жоготуп, Кайраттуу бол, уландар* (Тоголок Молдо).

КАНКОР II каңкор менен бирдей.

КАНКОРЛУК *зат.* Кан ичерлик, адам өлтүргүчтүк, мыкаачылык. *Канкорлугуң кармаса, Өлтүрүп каным жаларсың* (Токтогул).

КАНОО кана этишинин кыймыл атоочу.

КАНСУП *зат.* Сапаты төмөн жука кездеменин бир түрү.

КАНСЫРА *этиш.* 1. Кандын көп агышынан алы кетүү, алсыроо. *Токтолбой бир аздан соң кан куюлуп, Эр Төштүк кансырады, эстен танды* (Маликов). *Ашыр кансырап жаткан Ивановдун башын жөлөп олтура калды* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Кан төгүүнү, бирөөнү өлтүрүүнү каалап туруу. *Оолуккан, кансыраган карышкырлар Уялбай бута ордуна адамды атты* (Маликов).

КАНСЫРАТ кансыра этишинин аркылуу мамилеси.

КАНСЫРОО кансыра этишинин кыймыл атоочу.

КАНТ I *зат.* 1. Кийимдин жээгине же тигишине бастырылган түстүү жип.

2. Сүрөттүн, таблицанын жээгине рамка сыяктуу жабыштырылган тилке.

КАНТ II *зат.* 1. Кызылчадан жана кант камышынан иштелип чыгуучу, ак түстүү кристалл түрүндөгү азык-түлүк катарында колдонулуучу таттуу зат. *Сырга жан казган кызылча Заводдон чыгып кант болду* (Осмонкул). *Планын ашык толтуруп, Буттап шекер кант алган* (Нуркамал).

2. *өт.* Таттуу, ширин, кызык. *Эң назик.. сага окшогон орой эмес, Жүзү ачык, сөздөрү алтын, тили кант-бал* (Осмонов). *Кайгыны мынча не салдың, Кант уйкумдан ойготуп* (Тоголок Молдо).

КАНТ III *этиш.* Кандай Кылуу, эмне кылуу, кандай этүү. *Атты кантти?*

КАНТАЛА I *зат.* Башка организмдин канын соруп жашоочу кичинекей мите. *Кантала, бүргө уктатпайт, Сүлүктөй сорду канымды* (Бөкөнбаев).

КАНТАЛА II *этиш.* Кызарып калуу, кан тамырларына кандын жайылып, таралышынан билинип, кызарып көрүнүү. *Бүлөөдөй болуп жонубуз канталады* (Турусбеков). *Анын эки көзү канталаган кып-кызыл* (Аалы).

КАНТАЛАТ кантала II этишинин аркылуу мамилеси.

КАНТАЛОО кантала этишинин кыймыл атоочу.

КАНТОР контора менен бирдей.

КАНТТУУ *сын.* Канты бар, кант кошулган. *Таттуусуң өзүң куйган канттуу чайдай, Кененсиң ырыскы мол биздин жайдай* (Үмөталиев).

КАНУУ кан этишинин кыймыл атоочу.

КАНЦЕЛЯРИЯ *зат.* Мекеменин иш алып баруучу жана иш кагаздарын түзүүчү бөлүмү жана ушул бөлүм орношкон үй.

КАНЦЛЕР *зат.* Кээ бир мамлекеттерде жогорку кызматтагы адамдарга берилүүчү наам, жана да ошондой наамы бар киши.

КАНЧА *ат.* 1. Бир нерсенин санын, эсебин суроо үчүн колдонулат. *Канча киши? Канча жашта?*

2. *өт.* Көп, нечен, бир топ. *Канча жылы көрбөгөн Калкым аман барсыңбы?* (Токтогул). *Аралап канча жерлерди, Айлына барды далайдын* (Үсөнбаев).

КАНЧАНЧЫ *ат.* Бир нерсенин иретин, катарын суроо үчүн колдонулат.

КАНЧЫ *зат. эс.* Кан алып айыктыруучу табып.

КАНЧЫК *зат.* Иттин, карышкырдын ургаачысы. *Сары канчык эшиктин түбүндө жаткан экен* (Сыдыкбеков). *Канчык карышкыр тарс эткен сайын.. качууга аракет кылды* (Жантөшев).

КАНЫГУУ канык этишинин кыймыл атоочу.

КАНЫК I *сын.* Көп билген, терең билген, абдан канган. *Музооке.. макал жана жомоктордун баарына канык* (Тоголок Молдо).

КАНЫК II *этиш.* Такшалуу, маш болуу, адис болуу. *Жумушчулар жеден бышып, каныгып, Күрөшкө чыдап көнгөн* (Элебаев).

КАНЫКТЫР канык этишинин аркылуу мамилеси.

КАНЫША *зат.* Хандын аялы, хан аял.

КАҢ *зат.* Калайдан, тунукеден ж. б. металлдан жасалган идиштердин, буюмдардын тешиктерин каңдаган, беттештирип данакерлеген жери. *Чака каңынан чыгыптыр.*

КАҢГЫ *этиш.* 1. Тентүү, бет алган жакка кете берүү. *Уруу байлары жай күндөрүндө кайда көчсө, «байкуштары» аларды ээрчип, артынан каңгып жүрө берүүгө аргасыз болушкан* (Убукеев).

2. *өт.* Башы катуу, эмне кылаарын билбей калуу. *Эки жол айры болсо, иттин башы каңгы болот* (макал). *Байкап турган мырзалу, Башы жаман каңгыды* («Манас»).

◆ **Каңгы баш болуу**— эмне кыларын билбей калуу.

КАҢГЫР: каңгыр-күңгүр *туур.* Катуу нерселерди чабуудан, бири-бирине урунушунан чыккан добуш.

КАҢГЫРА *этиш.* 1. Бош, ээн болуу. *Каңгырап жаткан талаа эле, Карандай шамал чаң эле* (Үсөнбаев).

2. Эмне кыларын билбей калуу, башы катуу. *Алтыбай жатат алсырап, Акылын таппай каңгырап* («Эр Табылды»).

3. Каңгыр-күңгүр дабыш чыгуу.

КАҢГЫРАТ каңгыра этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢГЫРОО каңгыра этишинин кыймыл атоочу.

КАҢДА *этиш.* Темирден жасалган нерсени данакерлөө, бүтөө.

КАҢДАТ каңда этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢДОО каңда этишинин кыймыл атоочу.

КАҢК *туур.* Чорт, кыска чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат (мис., чаап жибергендеги иттин дабышы). *Карышкыр каңк этип барып, жерге сулады* («САЖИ»).

КАҢКАЙ *этиш.* Арык, эти жок, сөөктүү болуп көрүнүү, тартаюу. *Кулжасы жатат каңкайып* («Манас»).

КАҢКАЙТ каңкай этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢКАЮУ каңкай этишинин кыймыл атоочу.

КАҢКОР *сын.* Баатыр, каарман, мыкты. *Каңкоруң атаң Манастын Калтырып кеткен кылычы* («Семетей»).

КАҢКОРЛУК *зат.* Баатырлык, эрдик, тайманбастык.

КАҢКУУ *зат.* Четин чыгарып, жандатып айтылган сөз. *Оорудан чанчуу жаман, сөздөн каңкуу жаман* (макал).

КАҢКУУЛА *этиш.* Четин чыгарып, жандатып айтуу. *Барпы эмне жөнүндө каңкуулап жатканын Ышкынаалы түшүнгөн жок* (Байтемиров).

КАҢКУУЛАТ каңкуула этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢКУУЛОО каңкуула этишинин кыймыл атоочу.

КАҢКЫ: ак каңкы—алдынкы кашы ийнек жазы келген ээр. *Ак каңкы ээр ылайык Аша чуркар күлүккө* (Маликов).

КАҢКЫЙ каңкай менен бирдей.

КАҢКЫЛДА *этиш.* 1. Каңк-каңк этүү; каңк-каңк үрүү. *Короодо сары дөбөт бир калыпта үрүп каңкылдайт* (Байтемиров).

2. *өт.* Обу жок ажылдап сүйлөй берүү, катуу-катуу үн чыгарып урушуу, жактырбаган түрдө орой айтуу.

КАҢКЫЛДАТ каңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢКЫЛДОО каңкылда этишинин кыймыл атоочу.

КАҢТАР *этиш.* 1. Оодаруу, көнтөрүү, коңторуу. *Кара жерди каңтарып, Эшилтип эгин айдаган* (Тоголок Молдо).

2. Чөп жегизбөө же башын ылдый кылбоо үчүн аттын тизгинин ээрдин кашына иле байлоо. *Кер кашканы каңтарып, Бутакка аса байлады* (Жантөшев). *Каңтарган бойдон эмгиче Айбан үчүн тим турат* (Токтогул).

3. *өт.* Куру калтыруу.

КАҢТАРГА *зат.* Каңтара байлоо ыгы, каңтара байланган абал (көбүнчө аткa карата).

КАҢТАРГАЛУУ *сын.* Каңтарылып коюлган, каңтарга кылып байланган.

КАҢТАРТ каңтар этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢТАРУУ каңтар этишинин кыймыл атоочу.

КАҢТАРЫЛ каңтар этишинин өздүк мамилеси.

КАҢШААР *зат.* Имиш-имиш, анча так, белгилүү болбогон кабар. *«Токтогул Ош жакта жүрөт» деген каңшаарды уктум* (Тоголок Молдо).

КАҢШААРЛА: каңшаарлап билүү — угулган каңшаар боюнча билүү, угуу, кабар алуу.

КАҢШЫЛА *этиш.* Үнүн ичке чыгарып дабыш салуу (көбүнчө иттер жөнүндө). *Каңчык байкуш.. куйругун кысып, каңшылап жөнөдү* (Сыдыкбеков).

КАҢШЫЛАТ каңшыла этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢШЫЛОО каңшыла этишинин кыймыл атоочу.

КАҢЫЛДА *этиш.* Бийик дабыш салуу, көтөрүңкү, катуу үн чыгаруу (жактырбоо иретинде).

КАҢЫЛДАТ каңылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢЫЛДОО каңылда этишинин кыймыл атоочу.

КАҢЫЛЖААР *зат.* Мурун көндөйүнүн түпкү ичи, кеңилжээр. *Буруксуган жемиштердин жыты комнатанын ичине тарап, каңылжаарды жарып жибере жаздады* (Бейшеналиев).

КАҢЫЛТЫР I *зат. обл.* Балыктын бир түрү. *Тордун көзү толду эле Каңылтырга жык-жыйма* (Токобаев).

КАҢЫЛТЫР II *зат.* Тунуке, көбүнчө үйдүн үстүн жабууга колдонулуучу жука темир. *Үйлөрдүн кирпичтери урап, каңылтырлары тешиле баштады* (Сасыкбаев).

КАҢЫРСЫ *этиш.* Күйгөндө, какшыганда каңылжаарды ачыштыра жыттануу, өтө жаман жыт чыгаруу. *Мылтык тарс эткенде, дарынын каңырсыган жыты мурунду өрдөй берди* (Таштемиров).

КАҢЫРСЫТ каңырсы этишинин аркылуу мамилеси.

КАҢЫРСУУ каңырсы этишинин кыймыл атоочу.

КАҢЫРТ *зат.* Анчалык далилдүү болбогон, бүдөмүк кабар. *Чалкалмактын каңыртын Угуп жатты Табылды* («Эр Табылды»).

КАҢЫРЫК: каңырыгы түтөө — өтө кейүү, кайгыруу, капалануу. [*Мусабек*].. *муңайып бара жаткан уулун карап каңырыгы түтөөдө* (Сасыкбаев). [*Эрке кыз*].. *ар кыл сөздөр угуп каңырыгы түтөп кетти* (Байтемиров).

КАҢЫРЫШ *сын.* 1. Кулагы жаздым, кулагы катуу, чала укkан (киши жөнүндө). *Кулагы каңырыш. Каңырыш угуп кыйкырып, Кулакты алды карылык* (Тоголок Молдо).

2. Имиш-имиш, дейт-дейт, ачык эмес, аныкталбаган кабар. *Эмне деген каңырыш тарап кеткен? Каңырыш кеп.*

КАҢЫРЫШТА *этиш.* Кулагынын угушу начарлоо, катуулоо, жаздым угуу.

КАП I *зат.* 1. Жүндөн, кебезден токулган таар сыяктуу калың материалдан баштык формасында тигилген, эгин жана башка нерселерди салууга ылайыкталган мешок. *Элүү кап эгин тийиптир Эрикпей эмгек кылганга* (Үсөнбаев). *Жүндү сорттоп, капка салып ылгашты* (Осмонкул).

2. Кын. *Алча моюн ак шамшар, Жулуп алып кабынан* («Эр Табылды»). *Уруш болгон абыдан, Суурулган кылыч кабынан* (Тоголок Молдо).

3. Ичине бир нерсе салууга ылайыкталып жасалган баштыкча, идиш, куту же

бир нерсенин сыртын жаап турган бөлүгү, сырты, жапкычы. *Китеп кап. Жаздык кап. Аяк кап. Казан кап. Ширеңке кап.*

◆ **Карынын сөзүн капка салуу**— карынын айтканын унутпоо, анын айткандарынан жакшы үлгү алуу. **Жүрөгү кабынан чыгуу** — жүрөгү болк этүү, корккондо, сүйүнгөндө апкаарып кетүү.

КАП II *сырд.* Өкүнгөндүктү, кейигендикти билдирүүдө колдонулат. *Кап, ..Сабирага бекер айтыптырмын* («САЖИ»). *Кап, көпкө жүрсө болот эле !* (Шүкүрбеков).

КАП III *этиш.* 1. Тиштеп алуу (ит жөнүндө).

2. *өт.* Орой айтуу, катуу тийүү. *Карышкырча жулунуп, Капкан ырчы болобу* (Токтогул).

◆ **Таш кабуу**— максатына, тилегине жетпей калуу, ойлогону орундалбай калуу. *Таалайлуу элге катылган, Таш капсын анын планы* (Тоголок Молдо).

КАПА I *зат.* Кайгы, убайым. *Кайгы менен капа жок, Дуулап жаткан биздин эл* (Калык). *Капамды жазып каткырып, Күлгөнүңдү сагындым* (Бөкөнбаев).

КАПА II *зат.* Үп, ысык. *Үйдүн ичи капа экен.*

КАПААТТУУ *сын.* Каардуу, заардуу. *Капааттуу сөздү басыңыз* («Манас»).

КАПАДАР *сын.* Капалуу, кайгылуу. *Кападар болуп күн-түнү, Кайгырбай жүргүн, ардагым* (Бөкөнбаев). *Канышыңыз кападар, Ойлоп ошол жоруктуу* (Жантөшев).

КАПАЛАН *этиш.* Капа болуу, кайгыруу. *Баса, карындашың капаланбай турабы?* (Жантөшев).

КАПАЛАНТ капалан этишинин аркылуу мамилеси.

КАПАЛАНУУ капалан этишинин кыймыл атоочу.

КАПАЛУУ *сын.* Капасы бар, кайгылуу, убайымдуу. *Каткырып түрлүү ыр менен, Капалуу жанды соорткон* (Осмонкул).

КАПАЛЫК *зат.* Капа болгондук, капалуулук, кайгы. *Капалык менен иши жок, Кабагы жарык күлгөндөй* (Тоголок Молдо). *Капалык жок боюнда, Калыстык дайым оюнда* (Тоголок Молдо).

КАПАР *зат.* Ой, көңүл. *Капарымда жок. Түк капарына албайт.*

КАПАРСЫЗ *сын.* Бейгам, бейкапар, оюнда жок. *Эл этмеден капарсыз эле тынч жатышат* (Жантөшев). *Этмекеден капарсыз турган Зейне чочуп кетти* (Абдукаримов).

КАПАС *зат.* 1. Колго багылган куштарды камап коюучу тор, клетка. *Капаска көнүп алган соң [бөдөнө] сайрап берет* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Камак жай, түрмө. *Капаста жүргөн Токоңо Кайгынын оту жагылган* (Токтогул). *Кубантып капастагы туткундарды, Куткарып алып чыктың кайгы зардан* (Нуркамал).

КАПАСЫЗ *сын.* Кайгысыз, капасы, убайымы жок; жайдары.

КАПАЧЫЛ *сын.* Кайгычыл, убайымчыл, кейикчээл. *Элебес.. капачыл, күйкөлөк адам* (Элебаев).

КАПИЛЕТ *сын.* 1. Капарсыз, тынч, бейгам, камылгасыз. *Калмактын үнүн уккайсың, Капилет жатып уктайсың* («Эр Табылды»), *Капилет жаткан кезинде Каптап кирип калгыла* («Эр Табылды»). *Капилет элди көп чаптым, Канчалык олжо мал таптым* («Эр Табылды»).

2. Кокусунан, капысынан, мезгилсиз. *Каргашасын карачы, Капилет келген өлүмдүн* (Үсөнбаев). *Капилет келип шум кабар, Капага салды өзүмдү* (Нуркамал).

3. *өт.* Кысталыш, кыйынчылык. *Капилетте сөз тапкан, Караңгыда көз тапкан* («Семетей»).

◆ **Капилет дүйнө**— *дин.* жалган дүйнө.

КАПИТАЛ *зат.* 1. Жалданма жумушчуларды эзүү жолу менен кошумча наркты алуу үчүн капиталисттерге курал болуучу өндүрүш наркы, каражаты. *Өнөр жай капиталы. Финансалык капитал.*

2. *сүйл.* Акчанын ири суммасы.

3. *өт.* Байлык, мүлк, баалуу кенч, дүнүйө.

КАПИТАЛДЫК *сын.* Капиталга таандык.

◆ **Капиталдык ремонт**— жалпы, бүтүндөй, негизги ремонт.

КАПИТАЛИЗМ *зат.* Өндүрүш куралдары эксплуатациялоочу капиталисттер табына тийиштүү болгон, бир тапты экинчи тап эксплуатациялоого негизделген коомдук түзүлүш, ордуна коммунизм келаткан буржуазиялык түзүлүш.

КАПИТАЛИСТ *зат.* 1. Капиталисттик коомдун үстөмдүк кылуучу табынын өкүлү, жалданма жумушчуну эксплуатациялоочу капиталдын ээси.

2. *сүйл.* Акчасы көп адам, бай адам.

КАПИТАЛИСТТИК *сын.* Капитализмге таандык.

КАПИТАН *зат.* 1. Армия жана флотто офицердик наам жана ушундай наамы бар адам.

2. Кеме командири. *Капитан баштап кемени, Толкундап турган көл көрдүм* (Бөкөнбаев).

3. *спорт.* Спорттук команданын жетекчиси.

КАПИТУЛЯНТ *зат.* Жеңүүчү тарабынан коюлган шартка, талапка багынып берген, кыйынчылыктан коркуп баш тартканы, артка чегинген адам, тарап.

КАПИТУЛЯЦИЯ *этиш.* 1. Жеңүүчү тарабынан коюлган шартка макул болуп, согуш аракеттерин токтотуп, багынып берүү.

2. *өт.* Ыгып калуу, коркуп чегинүү, күрөштү токтотуу.

КАПИЯ *сын.* Кысталыш, кыйынчылык, капилет. *Капияда сөз тапкан, Караңгы түндө көз тапкан.. Учма билген кары бар* («Сейтек»).

КАПКА *зат.* Жыгачтан, темирден жасалган дарбаза, чоң эшик, каалга. *Болот капка дарбаза Болгон экен чоң паана* («Манас»).

КАПКАЙДА *такт.* Өтө алыста, эң эле ыраакта. *Ордунан жылбагансып турса дагы, Капкайда аш бышымда барып жетет* (Маликов).

КАПКАЙДАГЫ *такт.* 1. Өтө алыстагы, эң эле ыраактагы, өткөн-кеткендеги, мурунку. *Жатар-жатканча капкайдагы барды-жокту бабырап айта берүүчү* («Советтик Кыргызстан»).

2. *өт.* Ойдо жок, белгисиз, дарексиз. *Капкайдагы түш сыяктуу күндөрдүн Элестерин эсибизге салды го* (Аалы).

КАПКАК *зат.* 1. Бир нерсе салуучу, куюучу нерселерден төгүлбөй, бек, таза туруш үчүн үстүн жаап, бекитип коюучу жапкыч. [*Үкөктүн*].. *капкагы да бошоп калыптыр* (Сыдыкбеков). *Түвөл калай челектин.. капкагын ача баштады* (Бейшеналиев).

2. Кылдуу музыкалык куралдын (комуз ж. б.) кыл жаккы бети. *Сомдоп алган комузум Капкагы калың карагай* (Токтогул).

КАПКАКТА *этиш.* Капкак салуу, капкак орнотуу.

КАПКАКТАТ капкакта этишинин аркылуу мамилеси.

КАПКАКТОО капкакта этишинин кыймыл атоочу.

КАПКАКТУУ *сын.* Капкагы бар.

КАПКАЛУУ *сын.* Капкасы бар. *Капкалуу үй. Капкалуу сарай.*

КАПКАН *зат.* 1. Жапайы айбандарды (мис., түлкү, карышкыр, элик ж. б.) кармоо үчүн жасалган жаа сыяктуу кош жаагы бар аңчылык куралы. *Суур менен кашкулак Эбин таап алууга Аңчылар салат капканды* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Амал, айла, акыл. *Куруп жатты душманга Ар ким билген капканын* (Жантөшев).

КАПКАНЧЫ *зат.* Капкан салып аңчылык кылуучу адам. *Кашкулак менен суурду Капканчы кармап көп алат* (Тоголок Молдо).

КАПКАЧАН *такт.* Алда качан, небак, күн мурунтан. *Кабарын берген капкачан Карылык бизге кайрылып* (Маликов).

КАПКАЧАНКЫ *такт.* Алда качанкы, небактагы. *Капкачанкы сөзүмдү Кайрадан эми эстеттиң* («Эр Табылды»). *Капкачанкы катып калган Такыр жерден суу чыкты* (Осмонкул).

КАПКАЧЫ *зат.* Капканы ачып, жаап, аны кайтарып туруучу адам.

КАПОРТО *зат.* Идиштин (кап, аяк, чака ж. б.) жарты бөлүгү, ортосу, тең жартысы. *Омор аяктагы айрандан кере уурта-ганда, аяк капортосуна жакын бошой түштү* (Сыдыкбеков).

КАПОРТОЛО *этиш.* Ортолоо, ортосуна жеткирүү. *Ишти капортолоп барып токтотту.*

КАПРОН *зат.* Жасалма буланын бир түрү жана ушундай буладан согулган жогорку сапаттуу ткань. *Капрон байпак. Капрон кофта.*

КАПСАЛАҢ *зат.* 1. Кардуу бороон, катуу бурганак. *Капсалаң болбой жут болбойт* (макал).

2. Чыр-чатак, жоболоң, дүрбөлөң. *Элге келген капсалаң Басылганын тиледик* (Аалы). *Капсалаң баспай жеримди Калкыбыз дуулап күлсө экен* (Токобаев).

КАПСАЛАҢДУУ *сын.* Каардуу, дүрбөлөңдүү, кыйын. *Ушундай капсалаңдуу түндө суу өтпөс плащын чымкөп кийген Самар короо четинде* («Ала-Тоо»).

КАПТА I *этиш.* 1. Капка салуу, капкап кылып жыйноо, каптарга салуу. *Ак жубаздан күрүчтү Каптап алды басмачы* (Барпы). *Кырмандагы эгинди каптап, кампага ташып жатты.*

2. Бир нерсенин сыртына кап кийгизүү, тыгатоо. *Жаздык каптоо. Жууркан каптоо.*

КАПТА II *этиш.* 1. Жабыла кирүү, жабыла басып кирүү. *Каптаган душман ала албайт, Тилектеш болсо миң адам* (Токтогул). *Жалпы каптап кирсек деп, Жылкыны кайра сүрсөк деп* («Эр Табылды»).

2. Бир нерсенин бетин, үстүн тосуп, жаап калуу; үстүнө жайылуу. *Асманды булут каптады* (Жантөшев). *Эгинди суу каптады.*

КАПТАЛ I *зат.* 1. Бир нерсенин жаны, оң жана сол жагы, тарабы. *Нурбай дагы атты эле, ак аюунун оң капталына тийди* (Баялинов). *Сандыктын эки капталы жыгач эле* (Абдукаримов).

2. Тоонун боору, бети.

3. Туура туш, дал туш. *Экөөңөр үшүл жерден бура тартып, басмачыларды капталынан качыргыла* (Жантөшев). *Капталынан жете көр, Калабалуу Коңурду Ыргыта сайып өтө көр* («Манас»).

◆ **Ак каптал**— абдан жалкоо. *Кээ адам «ак каптал» деп атак алган, Бир ишке жумшай салып жата калган* (Тоголок Молдо).

КАПТАЛ II *этиш.* Кабылуу, туш келүү, бет келүү. *Гүлайым.. өтө ыңгайсыз абалга капталды* (Бейшеналиев).

КАПТАЛДА *этиш.* Каптал менен жүрүү, басуу. *Ашыр тоону капталдай шахтаны карап жүрүп кетти* (Сасыкбаев). *Карышкыр капталдап.. баспастан тике өйдө кетип баратат* (Жантөшев).

КАПТАЛДАТ капталда этишинин аркылуу мамилеси.

КАПТАЛДОО капталда этишинин кыймыл атоочу.

КАПТАТ капта этишинин аркылуу мамилеси.

КАПТОО капта этишинин кыймыл атоочу.

КАПТЫР кап этишинин аркылуу мамилеси.

КАПУСТА *зат.* Кат-кат кабыктуу, формасы тоголок бакча өсүмдүгү. *Ырас эле, күз болгондо капустасы, помидору сонун чыгат* (Байтемиров).

КАПЧЫГАЙ *зат.* Эки жагы бир кыйла тик, бийик жана көбүнчө зоокалуу кокту. *Капчыгайга салалык, Кара кыр ашып баралык* («Эр Табылды»). *Аска бийик зоосу бар, Тар капчыгай коосу бар* («Манас»).

КАПЧЫГАЙЛУУ *сын.* Капчыгайы бар. *Каптатып суусун бергенсийт Капчыгайлуу бийик жер* (Маликов). *Капчыгайлуу зоо-*

лордон Каз бөктөрүп жүргөндүр («Манас»).

КАПЧЫК *зат.* 1. Көбүнчө акча салып жанга алып жүрүүчү баштыкча, намыян.

2. Кичине баштык. *Жоокер капчык жонунда, Автоматы колунда* (Үмөталиев).

3. Карын, курсак, ич. *Ишпеп жаткан кедейлердин капчыгы толбой, курсактарынын ачканынан ыргалышат* (Қаралаев).

КАПШАП *зат.* Қошумча шылтоо, кесепет. *Эскинин калдыктарынын капшабы тийип жаткандыктан экен* («Ленинчил жаш»). *Ушул капшап менен Ашырдан өч алсам дегенде* [*Кайып*] *ак эткенден так этет* (Сасыкбаев).

КАПШЫР *этиш.* 1. Катуу нерсени ичин көздөй майыштыруу, кабырылтуу. *Ак болотум капшырдым* («Эр Табылды»).

2. Бүктөй кармоо, кабыра кармоо, кабаттай кармоо. *Капшыра кармап ыргытсаң, Кармашкандын каруусу сенден жоголгон* (Токтогул).

ҚАПШЫРТ капшыр этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАПШЫРУУ капшыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚАПШЫТ *зат.* Үйдүн каптал тарабы, төрдүн, эки жагы. *Кулбаш капшытта отурду* (Абдукаримов). *Төрдө.. жүк жыйылып капшытына туш кийиз тартылган* («Ала-Тоо»).

КАПЫЛДАН капыстан менен бирдей.

ҚАПЫЛЫСТАН капыстан менен бирдей.

КАПЫР *зат. дин.* 1. Исламдан башка диндеги адам. *Коросон оттук чактырсак, Капыр менен мусулман Койбой баарын чакырсак* («Манас»).

2. *өт.* Митайым, кара ниет, оңбогур. *Адамдын убалынан коркпогон капыр* (Тоголок Молдо).

КАПЫРАЙ *сырд.* Өкүнгөндүктү, таң калгандыкты билдирүү үчүн колдонулат. *Капырай, бул кандай укмуштуу көрүнүш* (Жантөшев). *Капырай, баласаак белемсиң* (Сасыкбаев).

КАПЫС *такт.* Байкоосуз, кокус, күтпөгөн жерден. *Миң киши Мырзатөлөнүн алдынан капыс качырып чыгышты* («Жомоктор»).

КАПЫСТА *такт.* Көмүскөдө, далдада, жашыруун жерде. *Кайдан билдик калмактын Кародл карап күч жыйнап, Капыста жатып алганын* («Эр Табылды»).

КАПЫСТАН такт. Капысынан, кокусунан, байкоосуздан, күтпөгөн жерден. *Капыстан көрө калдым көп карааңды* (Үмөталиев).

КАР I *зат.* Қыш мезгилинде түшө турган атмосфералык жаан-чачын жана кыш күндөрүндө жер бетин каптап жаткан ушул жаан-чачындын туташ массасы. *Быйыл кыш эрте түшүп, кар калың жаады* (Убукеев).

◆ **Сары кар**— жаз алдында жааган тез эрүүчү кар. *Сары кар түшүп, эки күндөй жатты* (Сыдыкбеков). **Қыламык кар**— абдан жука, аз түшкөн кар. *Ошол түнү кыламык кар жааган* (Каимов). **Кар баскан (бир кар баскан, эки кар баскан..)** — айрым жаныбарлардын жаш эсебин туюндуруу үчүн колдонулат (канча кар баскан болсо, анын жашы да ошончо болууга тийиш). *Эки кар баскан ит.*

КАР II *сын.* Қордук тарткан, муктаждык, кордук көргөн. *Кар болуу.*

КАРА I *зат.* Ири мал, бодо мал (койэчкилерден башка мал). *Алтоо сага алты кара берсин, Менин берерим башка* (Аалы). *Элемандын сан кара Ушунда жаткан көрүнөт* («Эр Төштүк»).

КАРА II *зат.* 1. Тирек, жөлөк, медер, таяныч. *Жабдык салып ат минип, Жака салып тон кийип, Жанымда болгон карам жок* («Манас»). *Аттанып жоого чыкканда, Ала-Тоодой карасы* («Семетей»).

2. Караан. *Эл карасын көргөндө Эси чыгып бөгүптүр* («Манас»).

◆ **Кара кылуу, кара тутуу**— 1) бирөөгө ишенүү, бел байлоо, таяныч. *Ызакул үчөөңдү аябай эле кара тутуп калыптыр* (Бейшеналиев). *Кара кылып кармаган, Кадимки эр Чубактан айрылдым* («Манас»). **Кара талашуу** — бирөөнүн жардамын күтүү, жанын калкалоо, жан соогалоо, жан талашуу. *Ал кара талашып жуушап жаткан койлорду аралай чуркады* (Аалы). **КАРА III** *сын.* 1. Көмүргө, көөгө окшош түс, актын карама-каршысы. [*Алтынайдын*].. *кийгени чолок жеңдүү кара баркыт бешмант* (Жантөшев).

2. *өт.* Күнөөлүү, айыптуу. *Ак жерден кара болуу. Ак-карасын текшер.*

◆ **Қара кер**— ачык кара эмес түс (жылкынын түсү жөнүндө). *Арыктын үгунан өтө берерде кара кер мүдүрүлүп кетти* (Касымбеков). **Қара тору** *к.* **тору. Қара куурай** *к.* **куурай. Қара мүртөз** — орой, терс кыял, мүнөзү терс. [*Атабек*].. *айтканынан кайтпаган кара мүртөз киши* (Жантөшев). **Қара саноо** — арамдык ойлоо, жамандык ойлоо, кара ниеттик кылуу. *Анын эмне мага кара санай турган жөнү бар* (Байтемиров). **Қара жолтой** *к.* **жолтой. Жүрөгүндө кара жок** — баатыр, эр жүрөк. **Қара жаак** *к.* **жаак. Қара курт** *к.* **курт. Оюнда кара жок** — бирөөгө кара санабаган, жамандык ойлобогон, ак пейил. *Оюнда кылдай кара жок Дүйшөнкулду кампачы кылып шайлашты* (Бөкөнбаев). **Қара сөз** *к.* **сөз. Қара кесек** — майы жок эт. *Максым жамбаштын кара кесек этин арыдан-бери кайсап жиберип, колун төпкө сүрттү* (Жантөшев). **Қара алтын** *к.* **кара III. Қара өзгөй** *к.* **өзгөй. Қара башы** — керт башы, жеке эле өзү. *Кара башыбыздын камын ойлосок биерде жүрөт элек* (Абдукаримов). — *Алтыным элим, силерге карс башым садага* (Жантөшев). **Қара басуу** — 1) *миф.* төрөт мезгилинде болуучу кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн кара күчтөрдүн таасири астында эсинен тануу, эч нерсени билбей калуу; 2) *өт.* акылынан адашуу, кырсык басуу. *Канды кара басканда Калыстыктан адашат* (Жантөшев). *Кара басып калбаса, Кантип Бермет айтты экен* («Сариньжи—Бөкөй»). **Бети кара** *же* **жүзү кара** — арсыз, уятсыз, адамгерчилиги жок. *Бети кара шум кемпир Бизге*

жалаа жапканың (Жантөшев). *Бизге каршы кара ниет, Жүзү кара жаттарды Тосо чыгып жалтанбастан, Далай мөрөй алганбыз* (Осмонкул). **Кара көсөө** *к.* **көсөө. Кара кийүү** — эри өлгөндө кара кийим кийип, аза күтүү. *Кара кийип олтурсам, Ошондо курса боло кеңешти!* (Жантөшев). **Кара аш** — киши өлгөн учурда берилүүчү аш. *Кайран атам өлдү деп, Кайгыланып бакырып, Калайыктын баарысын Кара ашына чакырып* («Манас»). **Кара жумуш** — кол эмгеги менен иштелүүчү ар кандай жумуш. *Кара жумуштун кайсынысы болсо да, менден кутулчу эмес* (Абдукаримов).

КАРА IV *этиш.* 1. Бир нерсеге көз жүгүртүү, көрүү, көз салуу, байкоо. *Адыл ордунан турду да, олтургандарга.. карады. Динар чоң энени аянычтуу карады* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Куу (малдын кууту жөнүндө). *Бээни айгыр карады.*

3. Тийиштүү болуу, карамагына өтүү. *Жер кимге карайт?*

4. Жашка чыгуу, келүү. *Касейин.. быйыл жыйырма төрткө карады* (Сыдыкбеков).

5. Текшерип көрүү, талкууга алуу. *Кечээ Садык жыйналыш чакырып, Татыбектин маселесин караган* (Байтемиров).

◆ **Жер кароо** *к.* **жер. Көңүлгө кароо** *же* **көңүлүн кароо** — ою менен болуу, көңүлү менен болуу. **Көзүн кароо** — бирөөнүн колун кароо; бирөөнүн бийлигинде болуу, баш ийүү. *Жалтак болот эр жигит, Өз колунда жок болуп, Бирөөнүн көзүн караса* (Осмонкул).

КАРААН *зат.* 1. Нерсенин алыстан көрүнгөн сөлөкөтү. *Чаргында караанынан эле тааныды* (Сыдыкбеков). *Эки караан жакындап келе жатат* (Жантөшев).

2. Бир нерсенин көрүнүш көлөмү, канчалык экендиги. *Алардын карааны эки жүздөн артык.*

3. *өт.* Медер, жөлөк, бел, таянч, тирек, жардамчы. *Каргадай жалгыз иниңдин Караан болгун жанына* («Эр Табылды»). *Кырк миң колго барабар Кырк жигит менин карааным* («Курманбек»).

КАРААНДА *этиш.* 1. Карааны көрүнөрлүк, көзгө илешерлик болуу.

2. Жакындоо; бир нерсеге туура келүү, окшошуу. *Чындыкка караандабаган калп сөз.*

КАРААНДАТ карааңда этишинин аркылуу мамилеси.

КАРААНДАШ I *такт.* Бири-бирине көрүнгөн аралыкта, жакын. *Бири-бирине, карааңдаш бара жатышты.*

КАРААНДАШ II карааңда этишинин кош мамилеси.

КАРААНДОО карааңда этишинин кыймыл атоочу.

КАРААНСЫЗ *сын.* 1. Дайынсыз, дарексиз, белгисиз.

2. Карааны көрүнбөгөн узакта, алыс, ыраак. *Ат карааңсыз келе жатат.*

3. Карашары жок, бел кылар, таянар адамы жок. *Жетим калып карааңсыз, Жашында көрдүң сен чунак* (Элебаев).

КАРАБАЙЫР *зат.* Асыл тукум жылкы менен карапайым жылкынын ортосунан чыккан чыдамкай жылкы.

КАРАВАН *зат.* 1. Кербен. *Жарак-жабдык жүктөлгөн караванды эртең таң сүрө тосуп алгыла* (Жантөшев).

2.Ээрчишип жүрүүчү соода кемелери. *Устүндө бир канча алп кубаттуу кемелердин каравандары тынымсыз чубашып жүрөт* (Убукеев).

КАРАГАЙ *зат.* Дайыма көгөрүп турууучу ийне жалбыректуу жыгач. *Карагай, кайың, арча, шилбилери Көйкөлүп өнүп турган бак эмести* (Шүкүрбеков).

◆ **Бай карагай**— бутактуу чоң карагай. *Бай карагай балаты, Тамыры менен сууруллуп* («Семетей»). **Карагай башы** — токойчу, токой сакчысы (көбүнчө карагайлуу токойго карата). **Сым карагай** — электр жана телефондун сымдары керилген устун, багана. *Термелтип поезд жүрдү арыш салып, Саналып сым карагай жатты калып* (Турусбеков).

КАРАГАЙЛУУ *сын.* Карагайы бар, карагайы көп, карагайы калың. *Ак кардуу чокулардан берки, карагайлуу кырлар.. көрүндү* (Сыдыкбеков).

КАРАГАЙЧЫ *зат.* Токой кесүүчү, токойдо иштөөчү жумушчу (көбүнчө карагайлуу токойдо).

КАРАГАН *зат.* Бир эле түбүнөн бир нече сабак чыккан, анча жоон болбогон тикендүү бадал өсүмдүгү. *Карагаң, шилби, четинден, Кайың, терек, талы бар* (Токтогул).

КАРАГАНДА *жанд.* Эки нерсени бири-бирине салыштырууда теңештирүүдө колдонулат. *Жылдызканга караганда Уркуя тың* (Байтемиров). *Баасына караганда бул кымбат эмес.*

КАРАГАТ *зат.* Кычкыл же кычкылыраак таттуу даамы бар жемиш берүүчү бадал өсүмдүгү. *Кара карагат. Кызыл карагат.*

◆ **Бөрү карагат**— сары жыгачтын ашы. **Чыны карагат** — кара, кызыл карагаттар (бөрү карагаттан башкасы).

КАРАГАТТАЙ *сын.* Карагат сыяктуу, карагатка окшош, капкара. *Көзү карагаттай.*

КАРАГЫМ *зат.* Каралдым, медерим, чырагым деген мааниде көбүнчө балдарга карата эркелетүү, жакшы көргөндүгүн билдирүү иретинде айтылуучу сөз. *Эсенсиңби, карагым, Сөзүн ук энен бабаңдын* (Токтогул).

КАРАЖАТ *зат.* 1. Жумшала турган акча, байлык. *Кыргыз элинин фольклорун жыйноо үчүн совет өкмөтү энен каражаттар берген* (Бөкөнбаев).

2. Кандайдыр бир иштерди иштөөгө, иш жүзүнө ашыруурга ариалып жасалган предметтердин, куралдардын ж. б. жалпы жыйындысы, аталышы. *Өндүрүш каражаттары. Байланыш каражаттары. Транспорт каражаттары.*

КАРАЖАТТА *этиш.* Жумшоо, каражат кылуу. *Алган акчаны жакшылап каражатта.*

КАРАЖАТТАЛ каражатта этишинин түюк мамилеси.

КАРАЖАТТОО каражатта этишинин кыймыл атоочу.

КАРАЖАТТУУ *сын.* Каражаты көп, акчалуу.

КАРАЙ I *жанд.* Көздөй, карата. *Колду баштап, Мендирман жоону карай жөнөдү* (Жантөшев).

КАРАЙ II *этиш.* 1. Кара болуу, кара түскө айлануу, караруу. *Жаткан жеринин кары эрип, Карайып, кургап да калат* (Шүкүрбеков).

2. Кара болуп көрүнүү, карарып дымпуйуп, калың болуп көрүнүү. *Карайган дарак чарбагым, Карааның көрбөй зарылдым* (Токтогул).

3. *өт.* Абдан ачуусу келүү, кыжыры кайноо. *Карайды жаным ушундай, Каныма тоюп жутса да* (Токтогул).

◆ **Каш карауу**— күүгүм кирип, көз байлануу, караңгы түшүү. *Каш карайгыча [Бектемдикинен] эл аягы үзүлгөн жок* (Байтемиров). **Өзөгү карауу** — абдан ачка болуу, курсагы ачуу.

КАРАЙЛА *этиш.* 1. Көзү көрбөй, бүдөмүктөп калуу. *Кан агып суудай шарылдап, Карайлап көзү тунарды* (Бөкөнбаев). *Карайлап көзүм тунарат, Караңгы түн баскандай* (Бөкөнбаев).

2. Эмне кыларын билбей кайсалоо, айласы кетүү. *Баш буруп басалбай, карга камалган малдар катуу карайлады* (Убукеев).

КАРАЙЛАТ карайла этишинин аркылуу мамилеси.

КАРАЙЛОО карайла этишинин кыймыл атоочу.

КАРАЙТ карай этишинин аркылуу мамилеси.

КАРАКТА *этиш.* Тоноо, тартып алуу. *Жолдон өткөн кишинин Атын сойгон каракчап* (Барпы).

КАРАКТАТ каракта этишинин аркылуу мамилеси.

КАРАКТАШ каракта этишинин өткөн мамилеси.

КАРАКТОО каракта этишинин кыймыл атоочу.

КАРАҚУР *зат.* Тоок түркүмүнө кирүүчү ири жапайы канаттуу. *Бир күнү жолдошум экөөбүз каракур уулап чыктык.*

КАРАҚУШ *зат.* Баш сөөгүнүн арткы бөлүгү. *Бирөө каракушка чапкандай, ..жыгылып кете жаздап токтоду* (Жантөшев).

КАРАҢЧЫ *зат.* 1. Талоончу, тоноочу, каракчап тартып алуучу. *Илгери жети каракчы болгон экен* («Жомоктор»). *Каракчы болуп мал уурдап, Канча бир жылы жашаган* («Эр Табылды»).

2. Эски кийимден, чүпүрөктөн ж. б. жасалган короонун же огороддун четине коркутуу үчүн коюлган сөлөкөт. *Ичи жаргак бешманттан Каракчы кылып жасады* (Жантөшев).

3. Жаман көргөндө же эркелеткенде айтылуучу сөз. *Итирейген каракчы.. дарыядан барып суу алып кел* (Турусбеков). *— Садагаң болоюн, жаман каракчым* (Сыдыкбеков).

4. Кир, булганч, таза эмес, кебете-кешпири кеткен. *— Каракчыдай болуп кантип барам* (Сыдыкбеков).

КАРАКЧЫЛЫК *зат.* Талоончулук, тоноочулук, каракчап алуучулук. *Айласы кетти, Эми көрүнөө каракчылыкка өттү* (Борбугулов).

КАРАЛ I *зат.* 1. Медер, бел, тирек, таяныч. *Карал кылган, Олжобай, Калкыңа кетип сен калсаң* («Олжобай менен Кишимжан»). *Жаныңдагы беш жолдош Жанга карал эш жолдош* («Саринжи — Бөкөй»).

2. *өт.* Бала, перзент. *Каралымды ыйлатпа* («Саринжи — Бөкөй»).

КАРАЛ II кара этишинин туюк мамилеси.

КАРАЛА I *этиш.* Кароо, күйүү, күтүү, айланчыктоо. *Малга каралап, жайлоого көчтү. Мага каралап, ал кетпей калды. [Чүрөк].. баласына каралап.. айылга чейин келди* (Жантөшев).

КАРАЛА II *этиш.* 1. Күнөөлөө, жаманатты кылуу. *— Белекке байланыштырып Сыдыкты да каралаптыр* (Жантөшев). *Кармады мени Керимбай Каршылык менен каралап* (Токтогул).

2. Карартуу, карайтуу, чиймелөө, жазуу, кара кылып боёо. *Ак кагазды каралап, Кат билбеген айылым* (Токтогул).

КАРАЛАН карала II этишинин өздүк мамилеси.

КАРАЛАШ I *этиш.* Жардамдашуу, жардам көрсөтүү. *Каралашар бала-чакаңыз жок беле* (Жантөшев).

КАРАЛАШ II карала II этишинин кош мамилеси.

КАРАЛДУУ *сын.* Күйүмдүү, күтүмдүү. *Жакшы мал—жан каралдуу* (макал).

КАРАЛДЫ *зат.* Бала, медер, жөлөк, тирек. [*Бурма*] *Айтып берем, каралдым, кийин баарын айтам* (Аалы). *Аман болсо Курманбек, Болду го мага каралды* («Курманбек»).

КАРАЛЖЫН *сын.* Анча кара эмес, карараак. *Павел Семенов келбеттүү чоң киши, чачы каралжын* (Жантөшев).

КАРАЛОО карала этишинин кыймыл атоочу.

КАРАЛООЧУ *зат. эс.* Айыптоочу, күнөөлөчү.

КАРАЛСЫЗ *сын.* 1. Жардамсыз, кароосуз, карашаары жок.

2. *өт.* Баласыз.

КАРАЛУУ *сын.* Жесир, эри өлгөн, кара кийген. *Жоо аягын жаралуу, катыны каралуу* (макал). *Каралуу калган Канымкей Көрбөгөндү көрдү дейт* («Семетей»).

КАРАЛЫК *зат.* 1. Арамдык кара ниеттик, жамандык. *Айылды алалык бузат, араны каралык бузат* (макал). *Каракчы болуп мал уурдап, Каралыкка салынып* («Эр Табылды»).

2. Күнөөлүүлүк, айыптуулук. *Ак-каралыгын текшер.*

КАРАМА: өң карама *к.* **өң. Күн карама** *к.* **күн. Карама-каршы** *к.* **каршы.**

КАРАМАГЫНДА *такт.* Кол алдында, тийиштүү.

КАРАМАЛА *этиш.* Айланчыктоо, күйүү, күтүү, каралоо. *Сен бизге карамалабай*

кете бер (Абдукаримов). *Саандан бошогон бээлер кулундарынын жанынан кеталбай, бир топко чейин карамалап, улам жанына барып жыт берет* (Абдукаримов).

КАРАМАЛОО карамала этишинин кыймыл атоочу.

КАРАМАНЧА *такт.* 1. Таптакыр, түк. *Үйгө барып келүүдөн Шарип караманча баш тартты* (Бейшеналиев).

2. Эч нерсесиз, такыр эч нерсеси жок, так катып. *Караманча куру калды.*

КАРАМЕЛЬ *зат.* Кант жана коюу ширеден жасалуучу катуу конфеттин бир түрү.

КАРАМЫГУУ карамык этишинин кыймыл атоочу.

КАРАМЫК I *зат.* Кызыл гүлдүү, уругу уулуу отоо чөп.

КАРАМЫК II *этиш.* Уйкусу келүү, уйкуга берилүү, уйкуга мас болуу. *Туруштан ышындыбы же уйкуга карамыктыбы, Шекер туруп карабады* (Қасымбеков).

КАРАН I: Күнү каран болуу *к.* **күн. Каран түн** — кыйынчылык, оор абал, кайгы-муң. *Каран түн түштү Манаска* («Манас»). **Каран калуу** — кароосуз, багуусуз калуу.

КАРАН II кара этишинин өздүк мамилеси.

КАРАНДАЙ *сын.* Жалаң, аралашмасы, кошумчасы жок. *Карандай суу. Карандай чай. Карандай суук.*

КАРАНДАШ *зат.* Жыгач таякчанын ичине графиттен өзөк салынган, жазуу жана сүрөт тартуу үчүн колдонула турган буюм. *Сыя карандаш. Боёк карандаш. Кара карандаш.*

КАРАНДЫ: көз каранды *к.* **көз.**

КАРАНДЫЗ *зат.* 1. Тамыры дары катарында колдонулуучу өзөктүү, жалбырактуу жапыз өскөн өсүмдүк.

2. Бою бийик, сары гүлдүү, чоң-чоң жалбырактуу тоого чыгуучу куурай.

КАРАНТИН *зат.* 1. Жугуштуу оорулар таралып кетпес үчүн жугуштуу оорулуу кишилерди же айбандарды бир жерге бөлүп коюп, ага эч кимди киргизбөө, андан эч кимди чыгарбоо чарасы. *Айдан ашык карантинде жаттык* (Сыдыкбеков).

2. Жугуштуу оору бар жерлерден келген адамдарды, товарларды текшерип көрүүчү санитардык пункт.

КАРАҢГЫ *сын.* 1. Жарыксыз; түн. *Үйдүн ичи караңгы* (Жантөшев).

2. өт. Билимсиз, окубаган, кат-сабаты жоюлбаган. *Мен болсом окубаган караңгы* (Жантөшев).

КАРАҢГЫЛА *этиш.* 1. Караңгы түшүү, караңгы болуу, күүгүмдөө. *Айлана караңгылай баштады* («Ала-Тоо»). *Түн караңгылап, уламдан-улам бүркөлүп келе жатат* (Жантөшев).

2. Караңгы түшүрүү, жарыкты тосуу. *Терезени караңгылап кой.*

◆ **Көзү караңгылоо**— көзү тунаруу, көзү ымыр-чымыр болуу. [*Гүлайымдын*].. *көңүлү айланып көзү караңгылайт* (Абдукаримов). **Көңүлү караңгылоо** — көңүлү айнуу, жүрөгү айлануу.

КАРАҢГЫЛАН караңгыла этишинин өздүк мамилеси.

КАРАҢГЫЛАТ караңгыла этишинин аркылуу мамилеси.

КАРАҢГЫЛЫК *зат.* 1. Жарык жоктук, жарык эместик. *Айлананы караңгылык басып,.. шамал боло баштады* (Жантөшев).

2. *өт.* Билимсиздик, кат тааныбагандык, окубагандык. — *Караңгылык курусун, Болуштун лампасына көрүндүк бергенибиз да ырас,— деп Акман борс-борс күлдү* (Сыдыкбеков).

КАРАПА *зат.* Чоподон жасалган кумура, идиш ж. б. *Карапага өстүрүлгөн.. гүл.. буруксуп турар эле* (Сыдыкбеков).

КАРАПАЙЫМ *сын.* Жөнөкөй. *Карапайым койчулар көптү билет* (Жантөшев). *Карапайым жылкы.*

КАРАПАЙЫМДЫК *зат.* Жөнөкөйлүк. *Мен эң эле карапайымдык менен сөз баштап жибердим* («САЖИ»).

КАРАПТА *этиш.* Башы айлануу, жүрөгү көтөрүлүү, алы кетүү, көзү ымыр-чымыр болуу. *Караптаган адамдай, Карбаластап жөөлүйсүң* (Жантөшев).

КАРАР I *зат. эс.* Токтом, чечим. *Орто Азиядагы улут республикаларынын.. пайдасына калсын деген карар болду* («Эркин-Тоо»).

КАРАР II карай II менен бирдей.

КАРАСАН *зат.* Кандын бузулушунан пайда болуучу сору (көбүнчө уйларда).

КАРАТ кара этишинин аркылуу мамилеси.

КАРАТА *жанд.* 1. Жараша, карай, ылайык. *Кылган жумушуна карата акы берилет.*

2. Көздөй, карай. *Каныбек менен Ажар ары карата жөнөдү* (Жантөшев).

3. Арнап багытгоо. *Алым менен Сатар жылуу сөздөрүн Абазга карата айтып жатышты* (Таштемиров). *Биринчи майга карата.*

КАРАЧҚЫ *туурасы*: **каракчы.**

КАРАШ 1. кара этишинин кош мамилеси.

2. Жардамдашуу, каралашуу, көмөк беришүү. *Кыйшаң-куйшаң дебестен, Жоксузга бардар карашсын* (Жантөшев).

КАРАШТУУ *сын.* Таандык, тийиштүү. *Чүй районуна караштуу колхоз.*

КАРАШТЫР 1. караш этишинин аркылуу мамилеси.

2. Изден көрүү, байкап көрүү, карап көрүү. *Үйдөн караштырып көрчү.*

КАРБАЛАС *сын.* Шашма, кыймыл-аракети олдоксон, жыйынтыктуу эмес. *Карбалас адам. Жеткен карбалас неме.*

КАРБАЛАСТА *этиш.* Шашуу, шашкалактоо, шашкандыктан эмне кыларын билбей калуу. *Кычан менен Атай карбаластап жетип келишти* (Бейшеналиев). [*Кычан*].. *атасынын карбаластаганын көрүп.. шашып кийинди* (Бейшеналиев).

КАРБАЛАСТАТ карбаласта этишинин аркылуу мамилеси.

КАРБАЛАСТОО карбаласта этишинин кыймыл атоочу.

КАРБОНАТ *зат.* 1. *хим.* Көмүр кислотасынын тузу.

2. *хим. геол.* Ар түрдүү металлдардын кошундуларынын көмүр кычкылдуу минералдарынын аты.

3. Бургулоодо, жылмалоодо колдонулуучу майда бүдүрлүү кара алмаз.

КАРГА I *зат.* Тамакты ылгабай жей берүүчү, көбүнчө кара бозомук келген анчалык чоң эмес канаттуулардын жалпы аты. *Кара карга. Ала карга. Чар карга. Коң карга. Карга бакса куш болбойт, кара темир курч болбойт* (макал).

◆ **Көк карга**— жалпы каргалардан кичине, көк түстөгү канаттуу.

КАРГА II *этиш.* Жамандыкка, кырсыкка учуроо тилегин айтуу, каргыш айтуу. *Тейитбек Курманбекти каргай баштады* (Жантөшев). *Казанчы бай уулунун бул кылыктары үчүн анын жалгызына карабастан жатып да, туруп да каргай турган* (Аалы).

КАРГАДАЙ *сын.* 1. Карга сыяктуу, каргага окшош;

2. *өт.* Кичинекей, жаш. *Каргадайдан тең өскөн Таежеси Кишимжан* («Олжобай менен Кишимжан»). *Каргадай болгон балага Кармашып алың келбеди* («Эр Табылды»).

КАРГАН I *этиш.* Бир нерсени иштебегендигине, күнөөсү жок экенине, айыптуу эмес экенине ишендирүү үчүн каргыш сездөрдү айтуу. *Уруу тойгончо жеп, өлгөнчө карганат* (макал). *Айдарбек безилдеп, каргануп жиберди* (Жантөшев).

КАРГАН II кары менен бирдей.

КАРГАТ карга этишинин аркылуу мамилеси.

КАРГАШ карга этишинин кош мамилеси.

КАРГАША *зат.* Тоскоол, жолтоо, кырсык. *Бул катуу каргаша болду го?!* (Сыдыкбеков).

КАРГАШАЛУУ *сын.* Кырсыктуу, тоскоолдуу, жолтолуу. *Мал кырылды го, каргашалуу бул кандай кар болуп калды* («Ала-Тоо»). *Кайгырып, Каке, турупсуң Каргашалуу өлүмгө* (Токтогул).

КАРГОО карга этишинин кыймыл атоочу.

КАРГУУ каргы этишинин кыймыл атоочу.

КАРГЫ I *зат.* Иттин мойнуна байлап, чынжыр, жип тагуучу кайыш. *Алгыр болсо тайганың, алтындан алып каргы так* (макал). *Күмүштөн каргы чаптырып, Жез чагарак тактырып, Жез билекке байлаган* (Токтогул).

КАРГЫ II *этиш.* Секирүү, ыргуу. *Аста басып аңдыды, Түйүлүп түлкү каргыды* (Тоголок Молдо). *Ыргышатаган Тайбуурул Каргып барып тик түшөт* («Семетей»).

КАРГЫЛДАН *этиш.* Үнү ачык чыкпоо, кардыгып, жолтоолукка учурагансып чыгуу. *Анын үнү каргылданып акырын чыкты* (Сыдыкбеков). *Мусабек.. каргылдана сүйлөдү* (Сасыкбаев).

КАРГЫЛДАНТ каргылдан этишинин аркылуу мамилеси.

КАРГЫЛДАНУУ каргылдан этишинин кыймыл атоочу.

КАРГЫТ каргы этишинин аркылуу мамилеси.

КАРГЫШ I *зат.* Бирөөнү каргап айтылган тескери тилек. *Бөрү каргышы койго жетпейт* (макал).

КАРГЫШ II *зат.* Эт менен сөөктү бириктирүүчү тарамыш.

КАРДА *этиш.* Кар жаап кирүү, карлоо. *Бүркөлүп турган күн кардап жатат* (Сасыкбаев). *Узабастан жарым саат, нөшөр төкту, кардады* (Аалы).

КАРДАР *зат.* Сатылуучу товарды алуучу, керектөөчү, сатып алуучу. *Фергана, Самарканд тарапта жоргого, азынаган айгырларга кардар көп чыгат* (Жантөшев). *Бала эзрчиткен кишилер улам бир дүкөнгө барып балдары үчүн бирдемелерге кардар болуп калышат* (Абдукаримов).

КАРДОН *зат. сүйл.* Карагай жана башка токойлорду кайтаруу, күзөтүү ишин жүргүзүүчү жай.

КАРДОНЧУ *зат. сүйл.* Карагайчы, токой кайтаруучу, күзөтүүчү.

КАРДОО карда этишинин кыймыл атоочу.

КАРДУУ *сын.* Кары бар, кары көп, кары калың. *Бул жер болсо ак кардуу тоонун этеги, Арпа-сулунун мекени* (Сыдыкбеков). *Алыстагы көрүнгөн ак кардуу тоо* (Бөкөнбаев).

КАРДЫГАЧ карлыгач менен бирдей.

КАРДЫГУУ кардык этишинин кыймыл атоочу.

КАРДЫК *этиш.* Үнү ачык чыкпоо, тоскоолдукка учурагансып каргылданып чыгуу. *Үнү кардыгып чыгат* (Сыдыкбеков). *Турардын үнү кардыгып, каарына келген* (Каимов).

КАРЕК *зат.* 1. Көздүн ортосундагы карасы. *Динардын көздөрүнүн кычыктары ачышып, каректерин жаш чайды* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Баласы же өтө жакын кишисине кайрылуу иретинде айтылуучу сөз. *Уктай койчу, карегим, Кара көзүм эрмегим* (Бөкөнбаев). *Кагылайын карегим, Жанып турган чырагым* (Жантөшев).

◆ **Көздүн карегиндей сактоо** — абдан жакшы кароо, коруу, жоготпоо.

КАРЖАЙ *этиш.* Өтө арык болуу, арбаюу. *Бир түндүн ичинде каржайып арыктадын, киши таанығыс болуп чачы агарган* (Байтемиров).

КАРЖАЙТ каржай этишинин аркылуу мамилеси.

КАРЖАЛ *этиш.* Кыйналуу, чарчоо. *Кара жерди каңтарып, Каржалбаган жалтанып* (Бөкөнбаев).

КАРЖАЛТ каржал этишинин аркылуу мамилеси.

КАРЖАЛУУ каржал этишинин кыймыл атоочу.

КАРЖАЮУ каржай этишинин кыймыл атоочу.

КАРЖЫ *зат.* Керектелүүчү, жумшалуучу акча, мүлк, каражат.

КАРЖЫЛА *этиш.* Каражаттоо, жумшоо, керек-жарагына жаратуу. *Ал анчамынча малын каржылап Зыядаханга үйлөнгөн* (Жантөшев).

КАРЖЫЛОО каржыла этишинин кыймыл атоочу.

КАРИКАТУРА *зат.* 1. Күлкүлүү кылып тартылган сүрөт. *Усталардын карикатурасын да дайыма канаттууга окшотуп, эң эле бат түшүрө коюучу* (Бейшеналиев). 2. *өт.* Начар, эптеп-септеп иштелген нерсе.

КАРИКАТУРИСТ *зат.* Карикатура тартуучу сүрөтчү.

КАРК I *сын.* 1. Таза, нукура, бүт. *Казына оозун ачпайбы, Карк алтыным чачпайбы* (Токтогул). *Кара башың карк алтын, Хан Курманбек аманбы* («Курманбек»). 2. Абдан, мыкты, өтө; жык, мол. *Алтымыш сарай карк толгон* («Манас»). *Капчыгай карк толду, Канча түрдүү кол болду* («Манас»). *Бийлил малчылар аң этине карк болушту* (Убукеев).

КАРК II: карк-карк *туур.* Каз, карга, каркыра сыяктуу куштардын чыгарган дабышын туурап айтууда колдонулат. *Асманда карк-карк этет каркыралар* (Осмонов).

КАРКАЙ *этиш.* Аркайып, тарбайып, сороюп көтөрүлүп чыгып туруу. *Мүйүзү чоң каркайган, Бугу менен маралы* (Осмонкул). *Карагайлар каркайып, Бутактары аркайып* (Үсөнбаев). *Кара зоолор ар кай жерде каркайып* (Осмонов).

КАРКАЙТ каркай этишинин аркылуу мамилеси.

КАРКАЮУ каркай этишинин кыймыл атоочу.

КАРКЫЛДА *этиш.* Карк-карк этип үн чыгаруу, карк-карк этүү (мис., каз, өрдөктөр). *Карга каркылдап учуп каз болбойт* (макал).

КАРКЫЛДАТ каркылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАРКЫЛДОО каркылда этишинин кыймыл атоочу.

КАРКЫРА I *зат.* Буту, мойну, тумшугу узун, саздуу жерлерде жүрүүчү куш. *Каркыра, турна асманда, Кайрылып конбой бактарга* (Шүкүрбеков). *Каркыра менен турнанын Деги канатынын дуусу жок* (Жантөшев).

2. Сайманын бир түрү. *Жүк үстүнө килем жайдырып, анын үстүнө каркыра сайдырган* (Жантөшев). *Эндик, упа, каркыра Кыз балага жарашар* (Токтогул).

КАРКЫТ *зат.* Ооз жагы күмүш же баалуу металл менен кооздолгон төөнүн терисинен жасалган идиш. *Каркытка куюп арактан Жутуп ийип күү чертти* (Жантөшев). *Бири куюп бирине каркыттан арак сунушат* (Жантөшев).

КАРКЫТТА *этиш.* 1. Көөкөр ж. б. төөнүн терисинен жасалган идиштерди баалуу металл менен кооздоо. *Каркыттаган көөкөр.*

2. Ардактоо, алпештөө, кадырлоо, урматтоо. *Каркыттап өстүрдүм эле, кандай күнгө туш болоор экенсиң* («Ала-Тоо»).

КАРКЫТТОО каркытта этишинин кыймыл атоочу.

КАРЛА карда менен бирдей.

КАРЛУУ кардуу менен бирдей.

КАРЛЫГАЧ *зат.* Чабалекей сыяктуу ылдам учуучу канаттуу. *Чабалекей, карлыгач Учуп жүрөт зыпылдап* (Тоголок Молдо).

КАРМА *этиш.* 1. Қол менен бир нерсени тутуу. *Колума комуз кармадым, Козголуп элге жардадым* (Тоголок Молдо). *Колунан кыса кармап, алкыш айттым* (Осмонкул). *Курч калем колго кармадың, Ыр жазуудан талбадың* (Осмонкул).

2. Токтотуу. *Абийир бул олтурушта ашык сөз сүйлөбөй, өзүн кармай билди* (Таштемиров).

3. Чыгарып жибербөө, белгилүү бир жерде токтотуп туруу. *Уулдарды [согушка] узатыш үчүн ар бир колхоз.. аттарды сарайга кармап.. күтүп калышты* (Сыдыкбеков).

4. Эсте тутуу, унутпоо, көңүлгө сактоо. *Эне ордуна көрүнсөм, Балам, бул сөзумду кармагын* (Токтогул).

5. Кийим-кечени кооздоо үчүн бир нерсени жабыштырып, кыюулап тигүү. *Көрпө кармаган ак тон. Кундуз кармады. Баркыт кармады.*

6. *өт.* Башкаруу, бийлөө. *Кармаган шаары Бакбурдун, Кыйласын билем ал журттун* («Манас»).

КАРМААК *сын.* 1. Колуна эмне урунса, кармай берген, колу тынч турбаган.

2. Туткак, ууру.

КАРМАЛ карма этишинин туюк мамилеси.

КАРМАЛА *этиш.* Кайта-кайта, бир нече жолу кармоо, кармай берүү, уламулам кармап көрүү. [*Динар*] .. *китепти кармалап турса, колуна сырты калың дептер урунду* (Сыдыкбеков). *Кабыргасын кармалап, Санап жүрөт семизин* (Тоголок Молдо).

КАРМАЛАТ кармала этишинин аркылуу мамилеси.

КАРМАЛАШ кармала этишинин кош мамилеси.

КАРМАЛОО кармала этишинин кыймыл атоочу.

КАРМАН 1. карма этишинин өздүк мамилеси (2-маанисинде).

2. Жөлөк, таянч, тирек кылуу. *Каранган. карманганыбыз жалгыз сен* [*Ашыр*] (Сасыкбаев). *Анын* [*Токобайдын*] *жөлөнөр чынары, карманар бутагы бар* (Каимов).

КАРМАТ карма этишинин аркылуу мамилеси.

КАРМАШ I *зат.* Согуш, күрөш, уруш, салгылаш. *Кармашты катуу салайын, Төштүк, Кабылган жоону чабайын, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Олку-солку болуп жолтактоону ташта! Күрөш, кармаш* (Сасыкбаев).

КАРМАШ II 1. карма этишинин кош мамилеси.

2. Салгылашуу, алышуу, күрөш жүргүзүү.

КАРМАШУУ кармаш этишинин кыймыл атоочу.

КАРМОО карма этишинин кыймыл атоочу.

КАРНАВАЛ *зат.* Катышуучуларының көпчүлүгү түрдүү маскалар кийген, түрдүү оюндар менен өткөрүлгөн элдик тамаша, майрам. *Жаңы жылдык карнавал.*

КАРОО I *сын.* 1. Кызганчаак. *Аялга кароо.*

2. Зыкым, сараң, дүнүйөкор. *Малга кароо. Тыйынга кароо.*

◆ **Көзү кароо**— суу карек, көзү ачык туруп эле көрбөгөн (киши жөнүндө). **Балага кароо** — баласаак, баласын өтө жакшы көрүүчү.

КАРОО II кара этишинин кыймыл атоочу.

КАРООЛ I *зат.* Күзөт, сакчылык. *Канышбек алдыртан кароолдо турган солдаттарды.. карады* (Жантөшев).

КАРООЛ II *зат.* Мээлөө, түздөп атуу үчүн мылтыктын учуна коюлган ичке, кичине темир. *Кароолуңа илинбей, Качкан кайып аттырбайт* (Токтогул).

КАРООЛДО *этиш.* Кароолдо, күзөттө болуу, сакчылыкта туруу.

КАРООЛДОО кароолдо этишинин кыймыл атоочу.

КАРООЛДОТ кароолдо этишинин аркылуу мамилеси.

КАРООЛОН *этиш.* Карануу; күйүк тартуу, карарып ыш басуу. *Терезеде кароолонуп жанган шам турат* (Сасыкбаев). *Токоч кароолонуп быштыы.*

КАРООЛЧУ *зат.* Күзөтчү, сакчы. *Кароолчусу туруучу Кара тоонун белине* («Курманбек»).

КАРООСУЗ *сын.* Карашары жок, багуусуз. *Сексенге жашым жетсе алдан тайып, Кароосуз өлмөк болдум чөлдө какыр* (Абдыраманов).

КАРП: карп-курп *такт.* Кокустан, байкоосуздан, күтпөгөн жерден. *Карп-курп алдыман чыга түштү. Карп-курп кезигип калдык.*

КАРПАҢДА *этиш.* Барпандоо, балпаңдаган көрүнүштө болуу. *Ашыр.. карпаңдап калды* (Сасыкбаев). *Карпаңдай басып.. Кузьма келе жатты* (Сасыкбаев). *Астрит.. карпаңдап.. шахтёрлорго кандайча ишттөөнү көрсөтө баштады* (Сасыкбаев).

КАРСЫЛДАТ карсылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАРС *туур.* Урулуудан, согулуудан ж. б. чыккан дабыш. *Карс этип катуу жабылган эшиктин дабышынан Аскар селт этти* (Сыдыкбеков).

КАРСАҚ *зат.* Түлкү тукумундагы аң, айбан. *Караңгыда карсактын Изин кууса жаңылбас* («Манас»).

КАРСЫЛДА *этиш.* Карс-карс этүү, кагылышуу. *Бакандар колдо карсылдап, Майышканын көрсүн де* («Манас»).

КАРСЫЛДАК *зат.* Карсылдата сабоо, кагылыш, сабаш. *Кара карсылдакка алды.*

КАРСЫЛДАТ карсылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАРСЫЛДОО карсылда этишинин кыймыл атоочу.

КАРТ I *зат.* Жаранын же күйгөн жердин катып калган катмары, үстүнкү бети. *Карты түшкөн айгыып, Так болуп калган жаралар* (Маликов).

КАРТ II *сын.* Кары, картаң. *Карт мугалим баарын карайт кубанып, Жан жагында жаштар турат кыналып* (Маликов).

КАРТ III *туур.* Көбүнчө **кекиргенде** чыккан дабыш. *Карт кекирүү.*

КАРТА I *зат.* Жылкынын майлуу **жоон** ичегиси. *Семиз тай союлуп, казанга казы менен карта толтура салынган* (Жан- төшев).

КАРТА II *зат.* 1. Жер бетинин **кагазга** түшүрүлгөн чиймеси. *География картасы. Жер шарынын картасы. Колхоз жериниң картасын кагаз бетине түшүргүлө* (Сыдыкбеков).

2. Ойнооро арналып жасалган, төрт топко бөлүнгөн, ар түрлүү белгилери, сүрөттөрү бар кагаздар.

3. Тийиштүү суроолорго жооп кылып толтурууга даярдаган, графалары бар бланк, барак. *Технологиялык карта.*

КАРТАЙ *этиш.* Каруу, жашы улгаюу. *Картайып өмүр баратат, Кайрылбай кеттиң бала чак* (Бөкөнбаев). *Картайган Токоң талыкпай Булбулдай болуп элирет* (Токтогул).

КАРТАЙТ картай этишинин аркылуу мамилеси.

КАРТАҢ *сын.* Карып калган, кары, картайган. *Володянын жалгыз гана картаң атасы бар* (Жантөшев). [*Чоң энем*].. *бечара абдан картаң болучу* (Байтемиров).

КАРТАЮУ картай этишинин кыймыл атоочу.

КАРТЕЛЬ *зат. эк.* Ири капиталисттик өнөр жай бирикмеси; бааны көтөрүү жана пайданы көбөйтүү максатын көздөп, өз ара конкуренция кылуудан баш тарткан бир түрдүү бир нече ишканалардын бирикмеси.

КАРТИНА *зат.* 1. Кагазга, жука таарга же тактайга түшүрүлгөн живопистик чыгарма. *Дивандын үстүндө Шишкиндин «Эртең менен токойдо» деген картинасы илинген* (Шимеев).

2. Драмалык чыгарманын актысынын өзүнчө декорацияны түзгөн бөлүгү. *Төрт көшөгө, жети картинадан турган драмалык чыгарма.*

3. *сүйл.* Кинофильм.

КАРТОГРАФ *зат.* География карталарын түзүү боюнча, картография боюнча специалист.

КАРТОГРАФИЯ *зат.* Географиялык карталарды түзүү жөнүндөгү илим жана ошол карталарды түзүү.

КАРТОН *зат.* Атайылап чыгарылган калың кагаз.

КАРТОТЕКА *зат.* Кандайдыр бир маалыматтар, материалдар жазылган карточкалардын жыйындысы. *Библиотекалык картотека.*

КАРТОЧКА *зат.* 1. Анча чоң болбогон фото сүрөт.

2. Азык же товар сатып алууга арналган талондуу кагаз, баракча.

3. Күбөлүк кат, билет сыяктуу төрт бурчтуу кылып кесилген кагаз.

КАРТОШКА *зат.* Түбүндөгү түйүлдүгүн тамак катарында пайдалануучу жашылча өсүмдүгү. *Теше-теше картошка айдап, чарбасы ирденет* (Сыдыкбеков).

КАРТӨШКӨ картошка менен бирдей.

КАРТТАН *этиш.* Карт пайда болуу, жараның же күйүк жердин үстү катуу. *Эмне үчүндүр сол жаккы эзгинин үстүндө карттанган кичине жарасы бар* (Жантөшев).

КАРТТАНТ карттан этишинин аркылуу мамилеси.

КАРТТАНУУ карттан этишинин кыймыл атоочу.

КАРТЫК *зат.* Кан алуу үчүн, канды соруп ташгоо үчүн мүйүздөн жасалган түтүкчө.

КАРТЫМАК *сын.* Картаң, улгайган сыяктуу. *..Абаздын апасы.. бети-башы бырышып, Мукайдын апасынан да картымак тартып турат* (Таштемиров).

КАРУСЕЛЬ *зат.* Парктарда, ярмаркаларда ж. б. жайларда оюн-тамаша үчүн ат, пил, кайык сыяктуу түрлүү формадагы отургучтардан айланып турма аянтча.

КАРУУ I *зат.* Күч, кубат, дарман. *Карууң кетет кейибе, Кулак сал менин кебиме* (Токтогул). *Чоюн булчуң алп кайрат, Чоң балбандай каруусу* (Осмонкул).

КАРУУ II кары этишинин кыймыл атоочу.

КАРУУЛУУ *сын.* Күчтүү, кубаттуу, дармандуу, алдуу. *Эр Олжобай каруулуу* («Олжобай менен Кишимжан»).

КАРУУСУЗ *сын.* Күчсүз, алсыз, кубатсыз, дармансыз. *Эттен туурап Дарыяханга бериштиң. Бирок каруусуз Дарыяхан жарытып жей албады* (Жантөшев).

КАРЧ I *туур.* Катуу нерсенин сынганда же бири-бирине катуу тийгенде чыккан дабышы. *Илгерилеген сайын кадамын кызытып, башын чулгуп, ооздугун карч-карч кемирет* («САЖИ»).

КАРЧ II: кара жанын карч уруу — катуу, тынбай аракеттенүү, жаны тынбоо, жанын сеп алдырбоо. *Кара жанды карч уруп иштейт.*

◆ **Кем-карч** *к.* **кем.**

КАРЧЫГА I *зат.* Кыраан, жырткыч, учкул куш. *Кары билет кааданы, Карчыга алат сонону* (макал). *Калкылдап учат асманда Карчыга менен жорусу* (Бөкөнбаев).

КАРЧЫГА II *зат.* Жетим кабыргадан (жогорку кичине үч кабыргадан) кийинки кабыргалардан баштап эң акыркы кабыргага чейинки бөлүк. *Карчыганын үстүнө Төшөк салып жаткандай* («Семетей»).

КАРЧЫЛДА *этиш.* Карч-карч этүү. *Аны каалганын карчылдаган добушу ойготту* («Ала-Тоо»).

КАРЧЫЛДАТ карчылда этишинин аркылуу мамилеси.

КАРЧЫЛДОО карчылда этишинин кыймыл атоочу.

КАРЧЫТ *зат.* Каптал, жан жак. *Ок карчытка тийди.*

КАРШЫ *сын.* **1.** Кас, өч, душман. *Ал мага башынан каршы.*

2. Туура, тике, бет маңдай, бет алды. *Биз жолдун оң жагы менен баратабыз, бизге каршы келаткан жүргүнчү болсо жолдун сол жагы менен жүрөт* (Сыдыкбеков). *Кайраттуунун алдынан Каршы душман өтө албайт* (Токтогул).

◆ **Каршы болуу** — колдобоо, жакпоо, жактырбоо. *Оюна Көбөл каршы болгон жок* (Каимов). *Шофер анын сөзүнө каршы болгон жок* (Каимов). **Каршы алуу** — тосуу, тосуп алуу, күтүп алуу, кабыл алуу. *Мусабек уулунун коммунист болгонун бөтөнчө кубанычтуулук менен каршы алды* (Сасыкбаев). **Каршы-терши** — аркы-терки, ары-бери. *Каршы-терши кеткен коёндордун изинен баш маң болот* (Каимов). **Карама-каршы** — 1) бетме-бет, теке маңдай. *Карама-каршы жолуккан шахтёрлор Ашырдын ичке үнүнөн алда кайдан таанышчу* (Сасыкбаев), 2) тескери, тетири, бири-бирине туура келбеген, эки башка. *Ар бир кубулуштун өзүнө жараша карама-каршысы бар* (Абдукаримов).

КАРШЫГУУ каршык этишинин кыймыл атоочу.

КАРШЫК *этиш.* Каршы туруу, өчөшүү, эрегишүү. *Мага каршыккан бирөө бар* (Жантөшев). *Эмне үчүн жанын сабап мага каршыгат* (Жантөшев).

КАРШЫЛА *этиш.* Каршы-терши салуу тизүү, жыюу. *Куу жыгачтан каршылап, Улуу кылып от жакты* (Жантөшев).

КАРШЫЛАШ *этиш.* Касташуу, бири-бирине каршы болушуу, душмандашуу, араздашуу. *Каршылашып чыккандын Каны бүгүн чачылсын* (Жантөшев).

КАРШЫЛАШТЫР каршылаш этишинин аркылуу мамилеси.

КАРШЫЛАШУУ каршылаш этишинин кыймыл атоочу.

КАРШЫЛЫК *зат.* Кастык, душмандык; тоскоолдук. *Каршылык менен кармалып Калкымдан кеттим айдалып* (Токтогул). *Балдардын жолун тороп турган эл.. каршылык кылбастан, арасын ача баштады* (Жантөшев).

КАРЬЕРА *зат.* Кызмат абалы, атак-даңкы, мартабасы, мансабы жогору болуу же ошолорго жетишүү.

КАРЬЕРИЗМ *зат.* Карьера үчүн умтулгандык, керт башынын ийгилиги, мансабынын жогору болушу үчүн күрөшүүчүлүк.

КАРЫ I *зат.* Колдун чыканактан ийинге чейинки бөлүгү. *Чоконун уулу Алымга көзүн кысып койду да, Дарыяханды карыдан чымчып алды* (Жантөшев). *Карыга найза илинген Кадимден баатыр эл элек* (Бөкөнбаев).

КАРЫ II *зат.* Үйдүн үстүнө коё турган устун.

КАРЫ III *зат. дин.* Куранды мыкты окуган, жат окуган адам.

КАРЫ IV *сын.* Картаң, карт. *Кары кишиң. Кары да бол, жаш да бол, Кадырлашкын тирүүңдө* (Токтогул).

КАРЫ V *этиш.* **1.** Картаюу, улгаюу, жашап калуу. *Карыдым деп турбастан, Дагы нуска жазамын* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Эскирүү. *Чай карып калды.*

КАРЫГУУ карык этишинин кыймыл атоочу.

КАРЫЗ *зат.* Насыя, белгилүү убакытка чейин пайдалануу үчүн бирөөгө берилүүчү

же бирөөдөн алынуучу (акча, буюм ж. б.). *Пейли бузук адамдан Беш тыйын карыз албагын* (Токтогул). *Көрүнгөнгө карыз болуп, Сөз ээрчитпе артыңдан* (Токтогул).

КАРЫЗДА *этиш.* Карыз, насыя алуу.

КАРЫЗДАН карызда этишинин өздүк мамилеси.

КАРЫЗДОО карызда этишинин кыймыл атоочу.

КАРЫЗДУУ *сын.* Карызы бар, насыялуу, бореселүү.

КАРЫК *этиш.* Көз тунаруу, жакшы көрө албай калуу. *Ак карды теше тиктесе, Айнектей көзүң карыгат* (Токтогул).

КАРЫЛУУ I *сын.* Алдуу, күчтүү, күчү бар, каруулуу. *Токтогул орто бойлуу, чымыр, карылуу, кайраттуу киши болгон* (Бөкөнбаев).

КАРЫЛУУ II *сын.* Қары адамы бар. *Карылуу үй ырымсыз болбос* (макал).

КАРЫЛЫК I *зат.* Улгайгандык, карып калгандык, картайгандык. *Мылтык менен окууга карылык жок* (макал). *Карылыкка эңкейип берчү мен эмес* (Сыдыкбеков).

КАРЫЛЫК II *зат. дин.* Куран окуганды кесип кылгандык.

КАРЫН *зат.* 1. Адамдардын, жаныбарлардын тамак сиңирүүчү органы. *Эт-пин баарын, ичек-карыны менен казанга салдырышты* (Баялинов).

2. Ич, курсак. *Дыйкандардын карды ток, Соодагерде нысап жок* (Токтогул).

◆ **Таз карын** *к.* **таз.** **Ач карын**— тамак иче элек, ачка бойдон. *Алар наар тапластан, ач карын бойдон жөнөштү* (Абдукаримов). **Бите карын**—битир, зыкым, сарап. **Ак төөнүн карды жарылган убак**— күз мезгили, бышыкчылык убак. **Козу карын** *к.* **козу.**

КАРЫНДАШ I *зат.* 1. Өзүнөн кичүү кыз бир тууган (эркек бир туугандан кичүү кыз). *Ысмайылдын бойго жеткен карындашы бар* (Жантөшев). *«Сен жүрө албайсың» деген карындашына Аскар* (Сыдыкбеков).

2. Жалпы өзүнөн кичүү кыз-келиндерге карата айтылуучу сөз.

КАРЫНДАШ II *туурасы:* **карандаш.**

КАРЫП *зат.* Мусапыр, бечара, карашар-кайрылышары жок. *Кайырлуу элем карыпка, Боорукер элем жетимге* (Токтогул).

КАРЫПТЫК *зат.* Мусапырчылык, бечарачылык, кайрылышары, карашары жоктук. *Карыптык тартып кардым ач* (Токтогул).

КАРЫПЧЫЛЫК карыптык менен бирдей.

КАРЫШ I *зат.* 1. Бармак менен ортонду кергендеги аралык. *Бою бир карыш, сакалы миң карыш* (табышмак). *Кере карыш салаңдап, Ак буудайдын баштары* (Осмонкул).

2. *өт.* Алыс эмес, жакын. *Карыш турган нойгутка Барбай кантип кетебиз* (Тоголок Молдо). *Карыш жерге баса албай Картайганың билинет* (Токтогул).

КАРЫШ II *этиш.* 1. Тырышуу, жазылбай жыйрылып калуу. *Кулунду көтөрөйүн деп өйдө кылганда, Оң колум карышып калса болобу, Арак жазылды* (Байтемиров).

2. *өт.* Өжөрлөнүү, көктүк кылуу, айтканынан кайтпоо. *Эненин сөзү кайсы деп, Балалык кылып карышпа* (Жантөшөв). *Көп карышпаңыз, мен Орто-Жонго эле кыштаймын* (Абдукаримов).

КАРЫШКЫР *зат.* 1. Итке окшош келген жырткыч, бөрү. *Карышкыр тийди кой короого, Түн жарымы болгондо* (Борбугулов).

2. *өт.* Зулум, алдым-жуттум, шылуун, жегич. *Катылган карышкырдын көзүн ойсок* (Барпы).

◆ **Карышкырга кой кайтартуу**— алдым-жуттумдарга, жегичтерге, шылуундарга жол берүү, иш берүү, ишке коюу. *Биз көп учурда өзүбүз байкабайбыз. Карышкырга кой кайтартып койдук* (Байтемиров).

КАРЫШТА *этиш.* Карыш менен ченөө.

КАРЫШТАТ карышта этишинин аркылуу мамилеси.

КАРЫШТОО карышта этишинин кыймыл атоочу.

КАРЫШУУ карыш этишинин кыймыл атоочу.

КАРЫЯ *зат.* Қарыган киши, абышка, көп жашаган адам. *Мамбет карыя ulandар менен бирге иштей берүүнү каалады* (Сасыкбаев).

КАС I *сын.* Қаршы; душман. *Жаман адам элге кас, Акылсыз жигит жолдо мас* (Барпы). *Орой киши урушуп, Зыян тартат касынан* (Осмонкул).

◆ **Кас саноо**— бирөө жөнүндө жаман пикирде болуу, арам ойлоо, жамандык ойлоо. *Умөтаалы эр эле, Кас санаган душманга Оозун ачкан бөрү эле* (Токтогул). **Кас тигүү** — касташуу, душмандык кылуу. *Бизге касын тиккен душман жок эмес* (Жантөшев).

КАС II Нагыз, чыныгы, таза. *Кас тулпарын мингизген, Ашкере чыккан март экен* («Манас»). *Кас буудан болсо билесиң, Кара чобур минесиң* («Манас»). *Камчы салып тулпарга, Кас баатырлар шаркылдап* («Манас»).

КАСА I *зат.* Жылкынын урук бези жана ал туруучу жери. *Кан дедире Көкөтөй, Мааникердей тулпарды Касага тартып жиберди* («Манас»).

КАСА II *сын.* Таза, чыныгы, эң мыкты, ашкан. *Карап турсам таапсың Баатыр сен, каса тулпар — Аккула* («Манас»).

КАСАБА I *зат.* Бир жагы жар болуп калган калың, бийик күрткү, кар. *Кыштай найза бою касаба жаткан өзөн тоборсуй баштады* (Сыдыкбеков). *Лыжасын камдап, бөбөктөр касаба карга жөнөштөт* (Токобаев).

КАСАБА II асаба менен бирдей.

КАСАБАЛУУ *сын.* Күрткүлүү, касаба туруп калган. *Касабалуу аскадан, Жол таппаган бир адам* (Барпы). *Касабалуу аска-зоо Ак мөңгүгө көмүлгөн* («САЖИ»).

КАСАҢАНА *зат.* Қаргаша, жолтоо, тоскоол. *Алайын деген нерсеме касакана кылды.*

КАСАМ *зат.* Ант, шерт. *Көркоо фашисттерден өч алуу үчүн касам бериштик*

(Бөкөнбаев). *Кагылайын ата-журт Касамы ушул балаңдын* (Бөкөнбаев).

◆ **Касам ичүү**— ант берүү. [*Дербиш*].. *ларек, столовой жакка кылчайбас үчүн касам ичип, көчөгө чыкты* (Каимов).

КАСАП I *зат.* Касапчы. *Касап энесине сөөк сатат* (макал).

КАСАП II *сын.* Каардуу, ачуулуу, ырайымсыз, мээримсиз. *Малга касап.*

КАСАПЧЫ *зат.* Мал союучу, мал союп сатуучу. *Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы* (макал). *Этти касапчы сомдойт, төөнү бар комдойт* (макал).

КАСИЕТ *зат.* 1. Жакшы сапат, кадыр-барк. *Аялдын касиети сүйгөн эри менен турбайбы* (Сыдыкбеков). *Акыл, эс, уят, ар-намыс Чоң касиет адамга* (Шүкүрбеков).

2. Керемет, сыйкыр. *Касиет өгөө буюмду Атакем берди, мен алдым* («Эр Төштүк»). *Койнунда эркин өскөн баласы элең, Колдосун касиети Ысык-Көлдүн* (Бөкөнбаев).

3. Өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, таандык сапат, белги. *Суунун химиялык касиети. Заттардын физикалык касиеттери.*

КАСИЕТТҮҮ *сын.* Касиети бар, кереметтүү. *Касиеттүү бул дөбө, Кадимден даңкка конгон жер* (Бөкөнбаев).

КАСИРЕТ касырет менен бирдей.

КАСКА *зат.* Металлдан шлем формасында жасалган аскерлер жана өрт өчүрүүчүлөр кийүүчү баш кийим. *Болот каска башында, Өчпөс атак жолунда* (Үмөталиев).

КАСКАК *зат. эс.* 1. Учунда темири жок жыгач найза же желек тагуучу ичке узун жыгач. *Кээсинде темири жок жалаң каскак* («Эр Табылды»). *Түндүк бакан, каскакка Жуушаң темир ашташтыт* (Тоголок Молдо).

2. Сайыштарда, уруштарда колдонуу үчүн жасалган учунда учтуу курч темири бар найза. *Каскагымды өңөрүп Калканымды ким тагат* («Курманбек»).

3. *өт.* Жолтоо, тоскоол. [*Дүрбөлөң*].. *качан болсо каскак болот да турат* («Ала-Тоо»). *Оорсунуп өз ишине кылат каскак* (Тоголок Молдо).

КАСКАКТУУ *сын.* Найзалуу, каскак менен куралданган, учунда темири бар найзалуу, каскагы бар. *Камыкпа Бектур карыя, Каскактуу найза аларбыз* (Турусбеков).

КАСКАН *зат.* Манту бышырууга ылайыкталган идиш. *Ашпозчулар так ысыгы мында деп, Булоолонтуп ачып жатат каскан* (Аалы).

КАССА *зат.* 1. Мекеменин акча кабыл алуу же берүү, билет ж. б. сатуу сыяктуу жумуштарын жүргүзүүчү бөлүмү жана ушундай бөлүм үчүн ыйгарылган жай. *Кассада иштөө. Кассага төлөө. Театр кассасы.*

2. Ар кандай кредиттик мекемелердин наамы.

3. Мекеменин, ишкананын колдо болгон акчасы.

4. *полигр.* Ариптер салына турган клеткалары бар ящик.

◆ **Өз ара жардамдашуу кассасы**— мүчө болуп жана ай сайын тийиштүү мүчөлүк акысын төлөөчүлөргө топтолгон мүчөлүк акыдан материалдык жардам иретинде карыз акча берип туруучу ыктыярдуу уюм.

КАССАЦИЯ *зат. юр.* 1. Соттоо законунун эрежелерин бузгандыгына байланыштуу төмөнкү сот инстанциясынын өкүмүн соттун жогорку инстанциясынын жокко чыгарышы.

2. Өкүмдү ушундай кылып жокко чыгарууну суранып кайрылган даттануу, өтүнүч.

КАССИР *зат.* Ишкананын же мекеменин акча кассасын тейлөөчү адам. *Иштеген тиштейт биздин өлкөдө, Ишиңе карай кассирге кол сун* (Шүкүрбеков).

КАССИРША *зат.* Кассир аял.

КАСТА *зат.* 1. Индияда жана Чыгыштын кээ бир өлкөлөрүндө теги, мурас катарында сакталып келген адистиги, укугу боюнча биримдик түзүүчү, адаты, закондору да өз ичине мүнөздүү болуп, өз ичинде гана кыз алышып, кыз беришип, андан башка чөйрө менен мындай катышы болбогон чектүү, түнт коомдук топ.

2. *өт.* Өзүнүн салтын, беделин жан аябай сактоочу, коруучу жана кызгануучу чектүү, түнт коомдук топ.

КАСТАР: кастарын тигүү — жамандык ойлоо, кекенүү, жамандык ойлоп артынан түшүү. *Жутаке менен Тункатар молдоңдун тукуругу боюнча.. кастарыңы тигип калганыңды билем* (Жантөшев).

КАСТАРЛА *этиш.* 1. Аёо, сактоо. *Жанын кастарлайт.*

2. Кадырлоо, урматтоо, ардактоо. *Анан кантип, мындай адамды калкы кастарлап.. элесин эстебесин* («Ала-Тоо»).

КАСТАРЛОО кастарла этишинин кыймыл атоочу.

КАСТАРЛУУ *сын.* 1. Ардактуу, кадырлуу, урматтуу. *Кармашып жүргөн абаңды Кастарлуу мыкты бий кылдың* («Эр Табылды»). *Кадырлуу байлары, кастарлуу бийлери кеңешти* («Эр Табылды»).

2. Камбыл, камылгалуу, сарамжалдуу.

КАСТАШ *этиш.* Жоолашуу, бири-бирине кас болуу, душмандык кылуу. *Касташканды талкалап, Колуна бердиң эсебин* (Үмөталиев). *Жазбай ат касташканды, баатыр жоокер* (Үмөталиев).

КАСТАШТЫР касташ этишинин аркылуу мамилеси.

КАСТАШУУ касташ этишинин кыймыл атоочу.

КАСТЕЛЯНША *зат.* Кандайдыр бир ксомдук мекемеде (мейманканада, ооруканада, жатаканада) ич кийимдерди, шейшеп, жаздык капты ж. б. тейлөөчү адам.

КАСТОРКА *зат.* Кастор майы, ичти сүрө турган дары; ич алдыргыч дары.

КАСТЫК *зат.* Душмандык. *Душмандар ичтери күйүп кастык көрсөтүп жатат* (Сасыкбаев). [*Манаска*].. *бирөө кастык кылат деп, Тушунда кароол турчу экен* («Манас»).

КАСЫРЕТ *зат.* Кайгы, капа, убайым. *Карайладык кор заманда, Касырет, кайгы толуп жык* (Элебаев).

КАТ I *зат.* 1. Кимдир бирөө менен пикир алмашуу, байланыш жасоо, кабар алышуу үчүн жиберилүүчү кагазга жазылган текст. *Татыбек, агандан кат барбы?* (Байтемиров). *Досум, жазган катың көп кечигип тийди* (Жантөшев).

2. Жазуу. *Кат тааныу. Колу кат билүү.*

◆ **Тил кат** — *эс.* бир нерсени алгандыкты ырастоочу документ, расписка. *Карыз алганың үчүн бул тил катка бармагыңды басып койчу* (Абдукаримов). **Талак кат**— *эс.* эри менен аялдын ажырашкандыгын ырастоочу документ. **Жол кат**— *эс.* путёвка. **Ишеним кат** *к.* **ишеним. Туяк кат** — *тар.* мал жаюуга уруксат берилген документ. **Чөп кат** *к.* **чөп I. Куш кат** — каллиграфия, кооздоп жакшы жазылган жазуу.

КАТ II *зат.* Катмар, кабат, кырка. *Жер кулагы жети кат* (макал). [*Салыктын*].. *чүйлөө кат-кат болуп бүктөлүп турат* (Қаимов).

◆ **Эки кат**— боюнда бар, кош бойлуу. *Тиги келини кургур эки кат, айы жетилип калгансыды* (Қасымбеков). **Тогуз кат** — ич көндөйүндөгү тамак сиңирүүчү катмары көп қарын.

КАТ III *этиш.* 1. Жашыруу, көзгө урунтпай, көрсөтпөй коюу. *Сары жез чирийт акыры, Сандыкка салып катса да* (Үмөталиев). *Арзыбаган буюмду Казына кылып катпагын* (Осмонкул).

2. Тагуу. *Жүгөн катуу. Нокто катуу.*

◆ **Түн катуу**— түн бою уктабай жол жүрүү, түнү менен жүрүп кетүү. *Эки-үч күндөн бери түн. катып жол азабын көргөндүктөнбү, Алымдын көрүнүшү Анарханга коркунуч туудурду* (Жантөшев).

КАТ IV *этиш.* 1. Кургап калуу, катуу болуп калуу, зыкыйып, жибибей калуу. *Бирөө жумурткасын, бирөө чүрүшүп катkан өрүгүн* [*базарга*].. *сатып, бака-шака түшүп калышчу* (Сасыкбаев). *Суу тоңгон — көк жалама муздар катып* (Бөкөнбаев).

2. Қыймылсыз туруп калуу. [*Акмат*].. *күүнү тыңшай, катты да калды* (Жантөшев). *Итике селейип катып калды* (Убукеев).

◇ **Балтыры (боконосу, борбуй эти, мууну) катуу**— бой жетүү, баралына келүү. *Балтыр этиң ката элек* («Курманбек»). *Бооруң бекип, боконоң ката элек* (Баялинов). *Борбуй этим ката электе оор эмгек, кайгылуу турмушту баштан өткөрүп чоңойдум* (Жантөшев). **Башы катуу** — эмне кыларын билбей калуу. *Алымкул түрдүү ой-санаага батып.. башы катып отурду* (Абдукаримов). **Боору катуу** — 1) аябай катуу күлүү, ыкшуу. *Бубуш шылдыңдап боору катып күлдү* (Турусбеков); 2) аябай катуу ыйлоо (балага карата); 3) жашы жетүү, бой жетүү, такшалуу. *Азыр бооруңар ката элек балапансыңар* (Бейшеналиев). **Кадеми катуу** — кордук көрүү, азапка түшүү. *Катыларга катылбай, Кадемим мындай катарбы-ай* («Манас»). **Каны же таңдайы катуу** — аябай суусоо, чаңкоо. *Берметке.. бир көнөчөк аш айран жеткизип бербесең, каны катып кетет го* (Сыдыкбеков). *Таңдайы кургап, тил катып, Күндөп-түндөп жол тартып* («Манас»). **Көзү катуу** *к.* **көз. Сөз (үн) катуу** — сүйлөө, үн чыгаруу, добуш салуу. *Жумагул бир жолу да сөз катпады* (Шимеев). *Тигилер үн каткан жок* (Жантөшев). **Тилеги катуу**— тилегине, максатына жетпей калуу. *Ат бербеген как баштын Аяздай катсын тилеги* («Курманбек»). *Тийиштик кылса душмандар, Тилеги катып жанчылат* (Қалык). **Шору катуу** *к.* **шор I.**

КАТА *сын.* Туура эмес, жаңылыш, чеки. *Жаман көрбөй кечиргин, Сөзүмдүн болсо катасы* («Эр Табылды»). *Катасын алып таштагын Ырдап айткан кебимдин* (Токтогул). *Бул кылган иши ката.*

КАТААЛ *сын.* 1. Қаардуу, мээримсиз. *Эмилахун бизге мурункудай катаал болбой калды* (Жантөшев).

2. *өт.* Оор, кыйын. *Жылдын катаал мезгилинде да өндүрүмдүү иштей берүүгө колхозчулар үйрөнүшкөн* («Советтик Кыргызстан»).

3. *өт.* Орой, катуу. *Какшыкталган катаал сөздөрү менен кулагымды тындырышпады* (Жантөшев).

КАТААЛДЫК *зат.* Қаардуулук, мээримсиздик, катуулук. *Бул кезде катаалдыктан аты чыккан, Элимди сурап турган Кудаярхан* (Абдыраманов). [*Гүлзатты*].. *кайын ата, кайын энеси катаалдык кылып шорун кайнатып жүрүптүр* («Ала-Тоо»).

КАТАЛАШ *этиш.* Қаталык кетирүү, жаңылыштык жиберүү.

КАТАЛАШУУ каталаш этишинин кыймыл атоочу.

КАТАЛОГ *зат.* Китептердин жана нерселердин белгилүү тартипке келтирилген тизмеси. *Алфавит тартиби менен түзүлгөн каталог.*

КАТАЛЫК *зат.* Жаңылыштык, туура эместик. *Экинчи каталыгым: сенин зыяндуу кылыктарыңды көрүп, мурунтан тыюу сала албагандыгым* (Жантөшев).

КАТАР I *зат. мед.* Организмдин илээшме, былжырлуу оболочкасынын оорушу.

КАТАР II *зат.* 1. Ирет, кабат. *Он эки катар. Экинчи катар.*

2. Қырка, удаа, жанаша. *Жолбунов.. Итикеге катар отурду* (Убукеев). [*Сатай*] *Светлана экөө кол кармашып, катар келатышат* (Сыдыкбеков). *Олжобай менен Кишимжан экөө катар туулду* («Олжобай менен Қишимжан»).

3. Ара, топ, сап. *Кара ниет адамды Катарыңа кошпогун* (Токтогул). *Жолдош болбо жаттарга, Кошпойт өзүң катарга* (Токтогул).

4. *өт.* Тең, курбу, теңтуш. *Азыр элиң социалдык жарышта, Асыл эже, катарыңдан калышпа* (Нуркамал).

◆ **Бир катар**— бир канча, бир далай, бир топ. *Темиров дагы бир катар суроолорду берди* (Жантөшев). *Өттү, кетти далай жыл Қыйынчылык бир катар* (Осмонов). *Ошолордой акыңды Оюңа салдым бир катар* (Токтогул). **Өтмө катарынан өтүү** — суу,

жаан ж. б. абдан өтүп, сиңип кетүү. *Ажар менен Каныбектин өтмө катарынан суу өттү* (Жантөшев). **Жок катары** — жокко эсе, жок дээрлик.

КАТАР III *жанд.* 1. Карай, карата. [*Абаз*].. *жолдо катар кыялдын терең дарыясына баткансыды* (Таштемиров). *Жолдо катар Нуркасым ой тилегин Жамыйлага баштан-аяк айтты* («САЖИ»).

2. Бирге. *Ошону менен катар.*

3. Барабар, тете, сыяктуу, катары. *Мунун да кызмат эмгеги ушуларга катар бар* (Үсөнбаев).

КАТАРДУУ *сын.* 1. Теңдүү, куректуу, сыяктуу. *Өзү катардуу адамдарга караганда көптү билген адам* (Тоголок Молдо). *Өзүң катардуу мыкты* (Сыдыкбеков). *Эркек катардуу.*

2. Қабаттуу. *Алты катардуу үй.*

КАТАРЛА *этиш.* Қатар-катар коюу, тизүү, катар-катар абалга келтирүү. *Баатырлар келди элине Катарлап орден тагынган* (Осмонкул). *Катарлап кыштак салынган, Карагай менен жабылган* (Үсөнбаев).

КАТАРЛАТ катарла этишинин аркылуу мамилеси.

КАТАРЛАШ I *сын.* Удаалаш, жанаша, бир катар. *Таяжеси Кишимге Катарлаш өстү Олжобай* («Олжобай менен Кишимжан»). *Эртеси Кочкорбайдын миңдеген койлору, жылкылары датканын малы менен катарлаш жайылды* (Аалы).

КАТАРЛАШ II катарла этишинин кош мамилеси.

КАТАРЛОО катарла этишинин кыймыл атоочу.

КАТАРЛУУ катардуу менен бирдей.

КАТАРЫ катар II менен бирдей (3-маанисинде).

КАТАСТРОФА *зат.* Қокустан болгон бүлгүн, кыйроо; оор натыйжалуу окуя.

КАТЕР *зат.* Кичине кеме. *Торпедалык катер. Сакчы катер.*

КАТИГҮН *сырд.* Өкүнгөндө, кайгырганда, чочуганда айтылуучу сөз. *Эмнени айтат, катигүн. Қокуй алат катигүн.*

КАТИҢКИ катыңкы менен бирдей.

КАТҚАЛАҢ *сын.* 1. Қатуу, тоң. *Топурак катмары цементтей каткалаң болду* («САЖИ»).

2. Қатаал, катуу. *Кечкурун күн бүркөлүп, каткалаң суук болду* (Бөкөнбаев).

2. *линг.* Жумшак үнсүздөргө карама-каршы келүүчү үнсүз тыбыштар (к, т, п, х..). *Каткалаң үнсүздөр. Каткалаң тыбыштар.*

ҚАТҚЫ: кыраан-каткы *к.* **кыраан II.**

ҚАТҚЫЛЫҚТА *этиш.* Қаткыра кыткыт күлүү, катуу күлүү. *Кыздар, күйкөгө карап каткылыктап күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Каткылыктагандай болсо, эки эле бөйрөгү бүлкүлдөйт* (Сыдыкбеков).

ҚАТҚЫЛЫҚТАТ каткылыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАТҚЫЛЫҚТОО каткылыкта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАТҚЫРТ каткыр этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАТҚЫРУУ каткыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚАТҚЫРЫҚ *зат.* Қатуу чыккан күлкү. *Сүзүп жүргөн эки өрдөк катуу чыккан каткырыктан чочуп.. уча жөнөдү* (Сыдыкбеков).

ҚАТМАР *зат.* Қат-кат, кабат, катар. *Эгер жумшак катмарга кездешсе.. ураткан көмүрдү.. ташып үлгүрө алышпайт* (Сасыкбаев). *Катмары менен экини Ыргыта коюп бир сайып* («Эр Табылды»). *Жерине шыдыр кетүүгө, Жети катмар бел келип* (Тоголок Молдо).

ҚАТМАРЛУУ *сын.* Қатмары бар, кабаттуу, кат-кат. *Канча сонун жер көрдүк, Катмарлуу нечен бел көрдүк* («Эр Табылды»).

ҚАТНАШ I *зат.* Байланыш, катыш; мамиле.

ҚАТНАШ II катыш, катташ этиши менен бирдей.

ҚАТОРГА *зат.* 1. Эң кыйын шарттардагы оор жумушка чегүү, сүргүнгө айдоо жана түрмөгө камоо жолу менен берилген жаза жана ушундай жазаны өтөөчү жай; орун.

2. *өт.* Оор турмуш.

ҚАТТА I *этиш.* Тизмеге алуу, учётко алуу, эсепке алуу, катка түшүрүү. *Бул эксөбүздү жаңы түтүн эсебине каттады* (Жантөшев).

ҚАТТА II *этиш.* Қабаттоо, кат-кат кылуу, үстү-үстүнө коюу. *Ок өтпөгөн бадана, Төртөөнү каттап кийиптир* («Манас»).

ҚАТТА III *этиш.* Катнашуу, бири-бири менен байланыш жасоо, келип-кетип туруу, экинчи бирөөгө баруу. *Боз үй менен сарайдын ортосун миң мертебе каттады окшойт* (Бөкөнбаев). *Колхоздорго катташып, тажрыйба алышкан колхозчулар* (Сыдыкбеков).

ҚАТТАЛ катта этиштеринин туюк мамилеси.

ҚАТТАМА *зат.* 1. Арасына каймак же май сүйкөп кат-кат кылып бышырылган нан. *Каттама, мамиле чай, шекер, каймак, Тамактын ар түркүмү бирден жайнап* (Осмонов).

2. Қат-кат, кабат-кабат.

ҚАТТАТ катта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚАТТАШ катта этишинин кош мамилеси.

ҚАТТОО катта этишинин кыймыл атоочу.

ҚАТТООЧУ I *зат.* Учётко, тизмеге, эсепке алуучу, катка түшүрүүчү.

ҚАТТООЧУ II *зат.* Келип-кетүүчү, каттап туруучу. *Элемандын сырттаны Каттоочудан кеп укту* («Эр Төштүк»).

ҚАТУУ I *сын.* 1. Жумшак эмес, жумшактын карама-каршысы.

2. Қыйын, оор. *Бир ай болду абакем Оорусу катуу Қадырдын* (Жантөшев). *Уят өлүмдөн катуу* (макал). *Катуу уят болду.*

3. Акырын эмес. *Катуу жабылган эшиктин табышынан Аскар.. селт этти* (Сыдыкбеков).

4. Тез, ылдам, бат. *Балбан күлүк паровоз, Дагы катуу жүрсө экен* (Маликов).

5. Оор, орой, сылык эмес. *Катуу тийип турабы Ушул сөзүм көнүнө* (Үсөнбаев). *Акырында атам катуу сөздөрүн айтуудан да тартынбады* (Жантөшев).

6. *өт.* Бекем, чыдамдуу, чыдамкай. *Жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу* (макал).

◆ **Жолу катуу** — иши оңунан чыкпаган, кара жолтой. *Жолу катуу түгөт чал, Жолбун иттей улуп кал* (Тоголок Молдо). **Катуу баш** — сараң, зыкым, колунан эч нерсе чыкпаган. *Кайын энем катуу баш* (Осмонов). **Кулагы катуу** — кулагы жакшы укпаган, дүлөйүрөөк, керең. — *Тиги атаңдын кулагы катуу, кыйкыра сүйлөбөсө укпайт* (Убукеев).

КАТУУ кат этиштеринин кыймыл атоочу.

КАТУУЛА *этиш.* 1. Ылдамдоо, тездөө, ыкчамдоо. *Алымкул катуулай басып, заматта Гүлайымга жетип барды* (Абдукаримов). *Катуулап жумуш кылууга Кары-жаш тегиз умтулду* (Осмонкул).

2. Күчөө; кыйындоо, оордоо. *Жаан уламдан-улам катуулады* (Жантөшев). *Алексеев оорусунун катуулап турганын билдиргендей, кабагын чытып,.. төшөгүнө барып жатты* (Жантөшев).

КАТУУЛАН катуула этишинин өздүк мамилеси.

КАТУУЛАТ катуула этишинин аркылуу мамилеси.

КАТУУЛУК *зат.* 1. Бир нерсенин катуу, жумшак эмес сапаты.

2. *өт.* Бекемдик, туруктуулук, кайраттуулук, чыдамдуулук. — *Балам, болбодуң. Сен катуулук кылып жатасың* (Байтемиров).

3. Сараңдык, зыкымдык.

КАТУҢУН *туурасы*: **катигүн.**

КАТЧЫ *зат.* 1. Кат ж. б. жазуу жумуштарын аткаруучу адам. *Чакырды Бокой кат жаз деп Өзүнүн катчы молдосун* («Сариньжи—Бөкөй»). *Миң башы [арызды] кагазды өзүнүн катчысына узатты* (Абдукаримов).

2. *эс.* Секретарь. *Чаргын райкомдун катчысы Аскардын кабинетине кирди* (Сыдыкбеков).

КАТЫГҮН *туурасы*: **катигүн.**

КАТЫК I *зат.* Айран, сүт, жуурат ж. б. *Байдын таягын жеп айран ичкенден көрө, жатакчылардын бири болуң, катыгы жок кара жармаңды ичип жүр!* (Аалы).

КАТЫК II: катыгын берүү — жазасын берүү, сокку уруу, кадемин катыруу. *Кара ниеттердин катыгын берүү үчүн жетиштүү күч бар* (Бейшеналиев).

КАТЫК III *этиш.* Такшалуу, токтөлүү, кагылуу. *Бери болчу, Тик карачы өзүмө, Катыгыпсың, Жетилипсиң* (Аалы). *Жаман чапан кийгиздим, Катыгып адам болсун деп* («Эр Табылды»).

КАТЫКТА *этиш.* Тамакка айран, сүт кошуу, аралаштыруу. *Атам шордуу сүт сурап, Катыктайт жарма кечинде* (Осмонкул).

КАТЫКТАТ катыкта этишинин аркылуу мамилеси.

КАТЫКТОО катыкта этишинин кыймыл атоочу.

КАТЫЛ 1. кат III этишинин туюк мамилеси.

2. Кол салуу, урушуу, тийишүү. *Таалайлуу элге катылган Таш капсын анын планы* (Тоголок Молдо).

КАТЫН *зат.* Аял, зайып. *Жаман болсо катының, Качып турат жакының* (макал).

◆ **Катын-калач** — жалпы эле аялдар. *Катын-калач жыйылып, үйдүн ичи азанказан болуп кетти* (Сасыкбаев).

КАТЫНДУУ *сын.* Аялы, зайыбы бар, үйлөнгөн. *Катындуу эрдин кайгысы жок* (макал).

КАТЫҢКЫ *сын.* Арык, ичке, болпогой эмес. *Маманазардын жашы жыйырма сегизде, орто бойлуу, катыңкы кара жигит* (Жантөшев).

КАТЫР *этиш.* 1. Катуу абалга келтирүү, кургатуу. *Келин-кыздар кылдат менен тилишет, Бекеринен албайлы деп катырып* (Осмонкул).

2. *өт.* Талкалоо, кыйратуу, жазасын берүү, ондурбай салуу. *Кармаганын катырган, Балбан сыны бар экен* («Манас»). — *Катыр, кайран досум* (Бейшеналиев).

3. Жеткире келиштирүү, мыктылоо. *Каргыш тийгир кара сан, Катыра камчы чаба көр, Төштүк!* («Эр Төштүк»). *Иште аябай катырыпсыңар* («Ала-Тоо»).

КАТЫРМА *зат.* Ачыбаган камырдан жука кылып казанга какпай бышырылган нан, калама. ..*Зейпи калдайган чоң катырманы алып кирди* (Абдукаримов).

КАТЫРУУ катыр этишинин кыймыл атоочу.

КАТЫШ I *зат.* Байланыш, мамиле, катнаш. *Ороз ыраматылык.. март адам эле. Кезегинде катыш элек* (Бейшеналиев).

КАТЫШ II *этиш.* 1. Аралашуу, башкалар менен кошо, бирге аракет кылышуу. *Бул ишке актив өзү баштап комсомол, пионерге чейин катышсын!* (Сыдыкбеков).

2. Катташуу, келип-кетишип туруу, байланышта болуу. *Келип-кетип катышсак, Айныбаска антташсак* (Үсөнбаев).

КАТЫШТЫР катыш этишинин аркылуу мамилеси.

КАТЫШУУ катыш этишинин кыймыл атоочу.

КАТЫШУУЧУ *зат.* Бир ишке, мелдешке ж. б. катыша турган же кошо катышкан адам. *Декаданын катышуучусу болуп барабыз* (Тоголок Молдо).

КАТЮША *зат. сог.* Автомобилге орнотулган реактивдүү миномёттун эл тарабынан коюлган аты. *Бөгөт бузуп, жол ачар, Бир куралы — катюша* (Үмөталиев).

КАУХАР *зат.* Өтө кымбат баалуу асыл таш. *Жаркырап бир караса, миң кубулган Дубалы акак, каухар, асыл таштар* (Бөкөнбаев).

КАУЧУК *зат.* Кээ бир тропикалык өсүмдүктөрдөн чыккан суюктуктан алынуучу же жасалма жол менен заводдон иштелип чыгарылуучу серпилгич зат (бул

резина жана резина буюмдарын даярдоого жумшалат).

КАФЕ *зат.* Кофе, чай, закуска ж. б. бериле турган кичине ресторан.

КАФЕДРА *зат.* 1. Лекция окуу, доклад жасоо, аудиториялардын (элдин) алдына чыгып сүйлөө үчүн жасалган бийик орун. *Кафедрада өзүнүн биринчи ырын окуп жаткан — студент* (Аалы).

2. Жогорку окуу жайларында белгилүү бир илим же бири-бирине тыгыз байланыштуу болгон бир нече илим боюнча сабак берүүчү профессорлордун жана окутуучулардын бирикмеси. *КПСС тарыхынын кафедрасы. Философия кафедрасы.*

КАЧ *этиш.* 1. Жүгүрүп кетүү, жеткирбөө, карматпоо аракети менен жүгүрүү, алыстоо, жеткирбөөгө аракет кылуу. *Качып кетсең, качып кет* (макал). *Карышкыр өр талаша качты* (Жантөшев).

2. Жашырынып, көрүнбөй-билинбей кетип калуу, бирге, чогуу болбой, башка жакка кетип калуу. *Элинен качканды бөрү жейт* (макал).

3. Тартынуу, чегинүү, айтканынан кайтуу. *Кайра тартып качпаган, Кажыбаган, шашпаган* («Манас»).

◆ **Ала качуу**— 1) көбүнчө мингени баш бербей тизгинин тарттырбай жүгүрүү. *Аты ала качып кетти*; 2) бойго жеткен кызды зордоп, же кыздын өз эркин боюнча ата-энесинен, туугандарынан жашырып алып кетүү. **Жаа бою качуу** — жакын жолобоо, жакындабоо, алыс жүрүү, аралашпоо.

КАЧААГАН качанаак менен бирдей.

КАЧАН *ат.* Кайсы убакта, кайсы мезгилде, кайсы маалда. [*Күндүн*].. *качан ачылары белгисиз* (Убукеев).

◆ **Алда качан** *к.* **алда II. Ар качан** — ар дайым, ар убак. [*Капитан*].. *ар качан орундуу сүйлөйт* (Жантөшев). **Эч качан** — түк да, эч убакта. *Ыракмат, Осмон, сенин чоң курулуштагы сонун эмгегиң эч качан унутулбайт* (Сасыкбаев).

КАЧАНААК *сын.* Качкы, карматпаган. *Качанаак жылкы. Качанаак уй.*

КАЧАНГЫ качанкы менен бирдей.

КАЧАНДАН качантан менен бирдей.

КАЧАНДЫР *такт.* Бир убакта, бир кезде. *Качандыр чоң эненин бир айтканын азыр Динар эсине түшүрдү* (Сыдыкбеков).

КАЧАНКЫ *такт.* Көптөн берки, мурунку, бир кездеги. *Кадырдап элим тыңшады, Качанкы өткөн булбулду* (Бөкөнбаев).

КАЧАНТАН *такт.* Кайсы убактан, кайсы мезгилден, кайсы маалдан. *Сен аны качантан бери билбей калдың* (Байтемиров).

КАЧКЫ *сын.* 1. Качанаак, карматпаган, жакын жолобогон. *Хан Дөлөндүн тулпары Качкы болгон Карала* («Курманбек»).

2. Жалкоо, бекерчи, ишке жалакой, иштен качкан. *Качкы болот кай акмак, Кара чака табалбай* (Токтогул).

3. Жалтак, коркок, туруксуз, кайратсыз. *Бакандашып сайышса, Качкы сыны бар экен* («Манас»).

◆ **Ээр качкы**— ээр токтупаган, ээрден качкан, көп минилип ээрден жадап качып калган (ат жөнүндө). *Эрегиште эр үчүн Ээр качкы ат жаман* (Жантөшев). *Ээр качкы болот деп, Мойнуна аркан сүйрөткөн* («Манас»).

КАЧКЫН *зат.* Качып чыккан, качып кеткен киши. *Качкындарга өчөшкөнсүп, жамгыр төгө баштады* (Жантөшев).

КАЧУУ кач этишинин кыймыл атоочу.

КАЧЫК *сын.* Алыс, аралары узагыраак, жакын эмес. *Бул сыяктуу тумандаган ойлордон Дарыяхан да качык эмес* (Жантөшев). *Кокусунан үзөңгүсүн кагышкан сыяктуу алгандар биринен бири качык бастырууга тырышат* (Жантөшев).

КАЧЫР I *зат.* Эшек менен жылкыдан бүткөн аргын, үй айбаны. *Алты өгүз менен төрт качыр Күчүн берип айдады* («Манас»). *Ли-Чан эки кара качыр кошкон арабаны короого кийирди* (Жантөшев).

КАЧЫР II 1. кач этишинин аркылуу мамилеси.

2. Бет алып чыгуу, атырылып кирүү. *Түпөктүү найза булгалап, Тик качырып жөнөдү* («Курманбек»). *Чолпонбайдын артынан Жолдоштор жоону качырды* (Осмонкул).

3. Бет алып жөнөө, бет алуу, умтулуу. *Тилин салып акактап, көлөкө жерди качырат* (Тоголок Модо).

4. Жоготуу, колдон чыгарып жиберүү, ажырап калуу. *Менин жайым сурасаң, Жок качырып элимден, Суроо салып келемин* («Семетей»).

5. Жөнөтүү, жашырын түрдө жөнөтүп жиберүү. *Кыз качырган келин.*

КАЧЫР III *туур.* Катуу нерсенин сынганда же бири-бирине катуу өйкөлүшкөндө, козголгондо чыккан дабышы. *Эшикти качыр эттире катуу жапты.*

КАЧЫРА *этиш.* Качыр эткен дабыш чыгуу, качыр этүү. *Качырап кыйган жыгач жылгандай Үн чыкты, чоң кара танк калды токтоп* (Үмөталиев).

КАЧЫРУУ качыр этишинин кыймыл атоочу.

КАЧЫРЫШ качыр этишинин кош мамилеси.

КАШ I *зат.* 1. Көздүн үстү жагындагы тилке болуп өскөн кыска кылдар. *Кырдач мурун, кара каш.. кичинекей жаш Каныбек таягына сүйөнүп, .. ырдап турат* (Жантөшев).

2. *өт.* Бир нерсенин жаны, жакын, жер, бет мандайы. *Кашыңа келген кишиге Кабагың түйүп сурданба* (Осмонкул). *Кырк жигити кашында* («Курманбек»).

◆ **Калем каш** *к.* **калем. Ашың болбосо да, кашың жокпу** — жайдары, көңүл жубатар, адамгерчиликтүү, сыпайгерчиликтүү бол деген мааниде колдонулат. Кыздын кабак-кашы ачылып, жайдары турган эле (**«Ала-Тоо»**). **Кабак-кашына кароо** *к.* **кабак I. Каш караюу** *к.* **карай II.**

КАШ II *зат.* Ээрдин тизгин, чылбыр илүүчү алдыңкы жана ээрге минген адамдын арт жагына келүүчү өйдө көтөрүлгөн, дуга сыяктуу ийилген бөлүгү. *Ажы-*

рашар дос ээрдин арткы кашын сурайт (макал).

КАШАА *зат.* 1. Жыгачтан же чырпыктан согуп жасалган тосмо, короо. *Карабек эковлоп жыгачтан кашаа жасашат* (Каимов).

2. Белгилүү түшүнүктүн алдына жана артына коюлуучу жарым-жартылай ийилген, чарчы, же болбосо фигуралуу тыныш белги; ачылып жана жабылуучу жогоркудай формадагы математикалык белги.

КАШАЙ *этиш.* 1. Сокур болуу, көрбөй калуу. *Кара жерге төгүлүп, Кашайды көздүн карасы* («Курманбек»).

2. Шору катуу, ойрону чыгуу, кырсыктоо.

3. *өт.* Абдан кежирленүү, өз билгенин такыр бербөө. *Татыбек кашайып болбой койду* (Байтемиров). *Энесинин мынчалык кашайып, тил албай койгонуна.. кыз чындап ыза болду* («САЖИ»).

◆ **Жаны кашаюу**— жанга батуу, абдан кыйналуу, каны кызуу, ачуусу келүү. *Мустафанын жаны кашайып.. урушкан сөзү чыкты* (Сасыкбаев). *Жапаны чындап тартканда, Жан кашайып жатканда* («Манас»).

КАШАЙТ кашай этишинин аркылуу мамилеси.

КАШАК *сын.* Сокур, олок.

КАШАҢ *сын.* Кыбыр, өтө жай жүргөн, өтө жай иштеген. *Кашаң ат минип жол жүрсөң, Камчылантып карытат* (Осмонкул). *Ал өтө кашаң кыймылдайт* (Таштемиров).

КАШАҢДА *этиш.* Кашаң болуу, кашаңдык кылуу, жайлап калуу.

КАШАҢДАТ кашаңда этишинин аркылуу мамилеси.

КАШАҢДОО кашаңда этишинин кыймыл атоочу.

КАШАҢДЫК *зат.* Кашаң болгондук, жай жүргөндүк, өтө жай иштегендик. *Анын [жээрденин] кашаңдыгын айтпа* («Жаш ленинчи»). *Кашаңдык кылып чегинбей, Кайнап чыккам эмгектен* (Осмонкул).

КАШАР *зат.* Мал (көбүнчө кой, эчки) багылуучу жылуу жай, короо.

КАШАТ *зат.* 1. Шымдын, дамбалдын белге келүүчү, ычкыр же кур байлануучу жээги. *Жаман шымынын кашатынан кичинекей өгөөнү алды* (Жантөшев).

2. Суунун, арыктын, аңдын бийик жээги. *Чүй суусунун тоо жаккы кашаты кырка жар* (Сасыкбаев).

3. Дөбөнүн, дөңдүн кырка жээги. *Кашатка турду кан Манас* («Манас»). *Чаргын да арабасын калдыратып.. кашаттан бери түштү* (Сыдыкбеков).

КАШАЮУ кашай этишинин кыймыл атоочу.

КАШЕК I *зат.* Каалга, терезелерди кырка жээктерине туура келтирип жана аларды ички бетине кептештирип бекитүү, орнотуу же ачып-жаап туруу үчүн жасалган рама.

КАШЕК II *зат.* 1. Чөптүн мал жегенден кийинки калдыгы, иргелип калган катуу сөңгөктөрү. *Ал чөбүн атына гана берип, атынан арткан кашегин үйларына жеткирүүчү* (Убукеев).

2. Өтүкчүлөрдүн, тигүү ишинде иштеген башка кесипчилердин ар кандай таштандылары, кесиндилери, өөндөр.

3. *диал.* Тоют үчүн камдалган чөп.

КАШЕКТЕ 1. Чөбүн жеп, кашегин калтыруу; иргөө.

2. *өт.* Керексиздерин бөлүп калтыруу, бөлүп чыгаруу.

КАШЕКТЕТ кашекте этишинин аркылуу мамилеси.

КАШЕКТӨӨ кашекте этишинин кыймыл атоочу.

КАШКА *сын.* 1. Малдын же башка айбандардын маңдайындагы ак тилке. *Ал ат жээрде кашка* (Жантөшев).

2. Чачы жок, жылмакай. *Кашка баш.*

3. Таза, тунук. *Булактын көк кашка суусунан.. алып, көктү көздөй жөнөйт* (Таштемиров).

4. Акылдуу, дааныгыман, эстүү. *Акундун кызы Айчүрөк Кереметтүү кашка эле* («Семетей»).

5. Тартынбаган, ийменбеген, айбыкпаган.

◆ **Аттын кашкасындай** — таамай, ачык, так, даана. **Көй кашка** *к.* **көй. Кашка жол** — тасырайган даңгыр жол. **Шыпты кашка** — шок, шыпылдак. *Бул шыпты кашка азын-оолак малдын этегине эртең эле чыгат.. [деди бай]* (Аалы). **Кара кашка** — *эс.* 1) квитанция, акча же башка бир нерсе төлөгөндүгүн аныктоочу кагаз; 2) оюндун аты.

КАШКАЙ *этиш.* 1. Аппак болуу, жаркыроо; туптунук болуу. *Таң кашкайып сүргөндө, Жерге жарык тийгенде, Жерди байкап көрдү эми* («Манас»). *Булактын суусу кашкаят.*

2. Бадырайып ачык, даана көрүнүү. *Дөбөгө чыгып карасаң, биздин айыл кашкайып, алаканга салгандай көрүнөт.*

3. *өт.* Тайманбоо, жазганбоо. *Ой, оңбогур, кашкайып туруп айткан кебин көр* (Сыдыкбеков).

КАШКАЙТ кашкай этишинин аркылуу мамилеси.

КАШКАЛДАК *зат.* Маңдайындагы жүнү жок кашка тилкеси бар, тумшугу ак, сууда жашоочу жапайы канаттуу. *Эчки маарак, кашкалдак, Ызгыт менен ак чардак* (Тоголок Молдо).

КАШКАЮУ кашкай этишинин кыймыл атоочу.

КАШКУЛАК *зат.* Суусар тобуна кирүүчү, ичке тумшуктуу, буттары кыска, денеси жумуру, узун кылчык жүндүү жапайы айбан. *Кашкулак менен суурдун Жемиши чөптүн тамыры* (Барпы).

КАШУУ кашы этишинин кыймыл атоочу.

КАШЫ *этиш.* Тырмоо, кычышкан жерин сүргүлөө, сүрүү. *Жалкоо койчуларча.. санын кашып жата бермек беле* (Аалы). *Актан кара керин.. арсайган.. жыгач тарагы менен кашып жаткан* (Бейшеналиев).

КАШЫК *зат.* Тамак-аш сузуп ичүүгө же бир нерсени сузуп алууга ылайыкта

лып жыгачтан же металлдан жасалган буюм. *Калай кашык. Күмүш кашык. Жыгач кашык. Чай кашык. Сыр кашык.*

КАШЫКТА *этиш.* Кашык менен ченөө, кашыктан пайдалануу, иччүү. *Күчүн көрсөң ичиндеги күйүттүн, Кош кашыктап ууну ичип, уланган жок* (Шимеев).

◆ **Кашыктап жыйып, чөмүчтөп чачуу**— дүнүйөнү кичинеден жыйнап, көп-көптөн чачуу, эсеби жок жоготуу, ысырап кылуу.

КАШЫКЧЫ *зат.* Жыгач кашык жасоочу уста. *Салимжан деген кашыкчы абышканы таптым* (Жантөшев).

КАШЫЛА *этиш.* 1. Кычышкан жерин тырмагылоо, сүргүлөө. *Актан топусун ала коюп, башын кашылап.. балдарды карады* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Бир нерсени чекесинен акырындык менен ала берүү; ар кимден сурамжылоо, ээптеп каржылоо. *Көрүнгөндөн кашылап жүрүп чогултқан оокат.*

КАШЫЛОО кашыла этишинин кыймыл атоочу.

КАШЫН кашы этишинин өздүк мамилеси.

КАЮТА *зат.* Кемедеги жеке бөлмө. *Мен да кеттим, Каютада отуруп* (Турусбеков).

КАЯК *ат.* Кайсы жак, кайсы жер. *«Ботом, сен каякка жоголдуң?» — деген Курмандын үнү чыкты* (Каимов). *Келсем жоксуң үйүңдө, Каякка кеттиң эстебей* (Маликов).

КАЯША *зат.* Каршы, терс айтылган жооп, сөз. [*Алымкул*].. *жат жерде эч кимге каяша айтпай жакшы жүр* (Абдукаримов). *Каяша берген душманды, Катыгын туздай беришкен* («Эр Табылды»).

КАЯШАЛАШ *этиш.* Бири-бирине каяша айтышуу; керишүү, кажашуу.

КАЯШАЛАШУУ каяшалаш этишинин кыймыл атоочу.

КАЯШАЛУУ *сын.* Каяша айтылган. *Каяшалуу кебиңе Кабыргалар сөгүлдү* (Үсөнбаев).

КАЯШАЧЫЛ *сын.* Каяша сөзчүл, каяша сүйлөгөндү жакшы көргөн. *Каяшачыл киши.*

КВАДРАТ *зат.* 1. Тең жактуу тик бурчтук, чарчы.

2. Математикада санды өзүн өзүнө көбөйтүүчүлүк.

КВАЛИФИКАЦИЯ *зат.* 1. Адамдын белгилүү бир профессияга же жумушка жароо, же ошого жөндөмдүүлүк даражасы. *Өнөр жайы үчүн квалификациялуу жумушчуларды ремеслолук окуу жайлары жана фабрика-завод окуусунун мектептери даярдап чыгарат* («Коммунист»).

2. Профессия, адистик.

КВАРТАЛ *зат.* 1. Төрт тарабы бири-бирине кесилишкен көчөлөр же көчө менен аянттар аркылуу чектелип турган шаар бөлүкчөсү. *Кварталдын башынан аягына чейин китеп базары ачылган* (Сыдыкбеков). *Чаргын бир кварталча барганда аттын оозун араң жыйды* (Сыдыкбеков).

2. Жылдын төрттөн бир бөлүгү (үч ай). *Биринчи квартал. Экинчи квартал үчүн түзүлгөн иш план.*

КВАРТЕТ *зат.* 1. Төрт музыкалык аспап же төрт түрлүү үн үчүн түзүлгөн музыкалык чыгарма.

2. Төрт аткаруучудан куралган ансамбль. *Вокалдык квартет.*

КВАРТИРА *зат.* 1. Турак үй; өзүнчө бир же бир нече комнатадан турган, кухнясы ж. б. ыңгайлуулуктары болгон турак үйдүн бир бөлүгү. *Жапар квартирасына келгенден соң кызматын, турмуш жайын билгизип, Миколага кат жазды* (Баялинов).

2. *сог.* Аскерлердин калк жашаган пункттардагы турган жайы, оруну.

КВАС *зат.* Кара буудайдын нанынан же унунан жасалган ачкылыраак суусун; жемиштерден же балдан даярдалган, быжырап көбүктөнүп туруучу суусун.

КВИТАНЦИЯ *зат.* Баалуу нерсени, документтерди, акчаны кабыл алгандыгын далилдөөчү официалдуу расписка.

КВОРУМ *зат.* Жыйналышка катышуучулардын устав тарабынан белгиленген саны (бул сан жыйналыштын чечимдерин закондуу деп табуу үчүн зарыл шарт болуп эсептелет).

КЕБЕ *сын.* Начар, алсыз, жүдөө (көбүнчө абдан начарлап, жакшы чоңоё албай калган майда жандыктар жөнүндө). *Кебе козу.*

КЕБЕЗ *зат.* 1. Пахта. *Кебезди баксаң кенен бак, Кезеги келген үшүл чак* («Советтик Кыргызстан»).

2. Пахтадан чыккан була. *Жетишерлик кебез бар, Жердин жүзүн жапсак да* (Үмөталиев). *Булуттай үйүп кебезди, Калтырдык ылдый белести* (Үмөталиев).

◆ **Кебез байлоо**— *тар.* Кудага алып баруучу малдын эң мыктысынын көкүлүнө кебез байлап белгилөө. *Башына кебез байлап ат келтирип, Мал жандуу атакемди зор кубанткан* (Үмөталиев). *Сур коёнго кебез байлап куда түшкүлө* (Сыдыкбеков).

КЕБЕК *зат.* Арпа, таруу, конок сыяктуу эгиндердин сокуга салып актагандан, түктөгөндөн же тартылгандан кийин эленип алынган кабыгы. *Жаргылчакка тартсаң да, Көзүң түшпөйт кебекке, Кылканы жок кум кайрак, Күнүң түшпөйт элекке* (Аалы).

КЕБЕКТЕ *этиш.* Акталган, тартылган дандардын кебегин бөлүп чыгаруу, электен өткөрүү.

КЕБЕКТӨӨ кебекте этишинин кыймыл атоочу.

КЕБЕЛ *этиш.* Кыймылдоо, козголуу, жылуу. *Ордунан кебелген бир да киши жок. Деги аны кебелтүүгө болобу.*

КЕБЕЛБЕ *этиш.* Тоотпоо, муңбоо, кенебөө; өз калыбында, өбалында калуу. *Устанын уулу Элдияр Кебелбеген кул экен* («Эр Табылды»). *Куржун башы буудайы Түшкө чейин кебелбейт, Кечке сепсе, түгөнбөйт* («Манас»).

КЕБЕЛБЕС *сын.* Козголбос, кыймылдабас, кыйшайбас, туруктуу; кенебес, муң-

бас, чаалыкпас. *Чындыкты сүйлөө, акыйкатты сүйүү акындын кебелбес сапаты эле* (Бөкөнбаев). *Кебелбес күлүк болот малдын көркү* (Аалы).

КЕБЕП *зат.* Шишке сайып, отко кактап бышырылган эт, шиш кебеп. *Ыргайдан катуу шиш болбойт, кебептен ширин эт болбойт* (макал). *Иманахун өзү даярдаган шиш кебепти апкелип алдыга койду* (Абдукаримов).

КЕБЕР *зат.* Туздуу, шордуу жерлердин үстүнө чыгып калуучу ак зат. *Аппак кебер, шорлор бар* («Манас»).

КЕБЕРЛЕН *этиш.* Кебер болуу, кебер туруп калуу. *Кеберленген шорду тепсеп сүрсөк суу, Кеткен тура жашыл жакут чөгөрүп* (Аалы).

КЕБЕРЛЕНТ кеберлен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕБЕРЛЕНҮҮ кеберлен этишинин кыймыл атоочу.

КЕБЕРСИ *этиш.* Эрин кургап кетүү, эрин кургап кесилип кетүү. [*Ажардын*].. *курсагы ачты, эрди кебердиди* (Баялинов). *Бечара* [*кемпирдин*].. *жаагы түктүйүп, эрди кебердип.. турат* (Касымбеков).

КЕБЕРСҮҮ кеберси этишинин кыймыл атоочу.

КЕБЕТЕ *зат.* 1. Келбет, турпат, көрүнүш, түспөл, өң, түр. *Анын кебетесинде караганда элүү беш жаштарда деп айтууга мүмкүн болучу* («САЖИ»). [*Кузьма*].. *тышкы кебетесине караганда сөзгө жок кишидей көрүнөт* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Кыял, жорук, мүнөз, кылык. *Бул кебетең менен сен көп жашай албайсың* (Байтемиров).

КЕБЕТЕЛЕН *этиш.* Бирөөгө, бир нерсеге окшошуу, түспөлдөш болуу. *Сенин Ышкыналың кебетеленген, мурду кылычтай келишкен карасур жигит экен* (Байтемиров). *Мелмилдеген асман жерге караган деңиз кебетеленет.*

КЕБЕТЕЛЕНТ кебетелен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕБЕТЕЛЕНҮҮ кебетелен этишинин кыймыл атоочу.

КЕБЕТЕЛЕШ *сын.* Түспөлдөш, өңдөш, кебетеси, көрүнүшү окшош.

КЕБЕТЕСИ *мод.* Сыягы, болжолу, калыбы, кейпи. *Кебетеси, бул киши мени бүгүн да жөнөткүсү жок.*

КЕДЕЙ I *зат.* Кембагал, жарды, ооката жетишсиз. *Карабайсың, көз салып, Эл ичинде кедейди* (Токтогул). *Кедейдин келди заманы, Байлардын кетти амалы* (Тоголок Молдо).

КЕДЕЙ II *этиш.* Бою өтө кичине, кыска болуу, жепирейип көрүнүү. *Кедейип тыптырмактай болуп турат.*

КЕДЕЙЛЕН *этиш.* Жакырлануу, ооката, мал-мүлкү азая баштоо, кембагал болуу.

КЕДЕЙЛЕНТ кедейлен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕДЕЙЛЕНҮҮ кедейлен этишинин кыймыл атоочу.

КЕДЕЙЛИК *зат.* Кембагалдык, жакырлык, колдо жоктук, жардылык. *Кендирди кескен кедейлик, Мындан башка малым жок* (Тоголок Молдо). *Өткөрдүм кедейликти мойнума алып* (Барпы).

КЕДЕЙСИНТ *этиш.* Кембагал, жарды деп басынтуу, жакыр, колунда жок деп эсептеп кемсинтүү.

КЕДЕЙСИНТҮҮ кедейсинт этишинин кыймыл атоочу.

КЕДЕЙЧИЛ *зат.* Кедейлердин таламын талашкан, жактаган адам.

КЕДЕЙЧИЛИК *зат.* Жакырчылык, жардылык, колунда эчтеке жоктук, кембагалчылык, кедейлик. *Сен кайгырба, кедейчилик кайгыны жек көрөт* (Байтемиров).

КЕДЕҢ: кедең-кедең этүү — кедейген кичине кебетеде кыймыл-аракетте болуу, басуу.

КЕДЕҢДЕ *этиш.* Кедең-кедең этүү, тепеңдеп тез жүрүү. *Кедеңдеген куу кемпир Абышканы бийледи* (Тоголок Молдо). *Кемпир кедеңдеп баласынын жанына басып келди* (Каимов).

КЕДЕР: кедери кетүү — иши илгерилебөө, оңолбоо, кетенчиктөө, жакшырбоо. *Илгери барардын ити чөп жейт, кедери кеткендин келини ууру кылат* (макал).

КЕДЕРГИ *зат.* Жолтоо, тоскоол. *Мен сени үйлөнтөйүн дедим эле. Бирок кедейлик кедерги болду,— деди Култай уулуна* (Абдукаримов).

КЕЖЕҢ *зат.* Койлордо болуучу оорунун аты. *Тергөөчү кежең болгон койдой бир топко диртилдеп ар кайсыны бир карап турду* (Жантөшев).

КЕЖЕҢДЕ *этиш.* Башты артын көздөй кержейтүү, кержеңдетүү. *Башын кайра-кайра кежеңдетип, шайы оп турат.*

КЕЖЕҢДЕТ кежеңде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЖЕҢДӨӨ кежеңде этишинин кыймыл атоочу.

КЕЖИГЕ *зат.* Желке, моюндун арты. *Мырзабек кежигесин кашый мыйыгынан күлдү* (Абдумомунов).

КЕЖИЛДЕ *этиш.* Бажылдап көп сүйлөө, маңызануу.

КЕЖИЛДЕК *сын.* Көп сүйлөгөн, маңызданган, көп кежилдеген.

КЕЖИЛДЕТ кежилде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЖИЛДЕШ *этиш.* Жаман-жакшы айтышып урушуу, талашып-тартышуу, айтышуу.

КЕЖИЛДӨӨ кежилде этишинин кыймыл атоочу.

КЕЖИР *сын.* Кыйык, айтканга көнбөгөн, кеп жебеген, тил албаган, кыялы тескери. *Тургун барып турган кежир..* (Баялинов).

КЕЖИРЛЕН *этиш.* Кыйыктануу, кежирлик кылуу, кепке көнбөө, тетириленүү. *Керез кежирленип, ээрге минүүдөн отказ кылды* (Бейшеналиев).

КЕЖИРЛЕНТ кежирлен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЖИРЛЕНҮҮ кежирлен этишинин кыймыл атоочу.

КЕЖИРЛИК *зат.* Кыйыктык, кыялы тескерилик, тетириленгендик. *Түшүнүп*

туруп, көрүп туруп кантип эле кежирлик кылайын (Байтемиров).

КЕЗ I *зат.* Узундугу 0,71 метрге барабар болгон өлчөм, чен; аршин. *Чуңкурдун туурасы бир кез* (Жантөшев).

◆ **Кез мал** — кезге, метрге салынып ченеле турган товарлар, кездеме. *Ал дүкөнчүгө кез мал өлчөттү* (Баялинов).

КЕЗ II *зат.* Учур, мезгил, убак. *Түн ортосу оop калган кез* (Жантөшев). *Күн кечтеп, көз байланган кез* (Баялинов).

◆ **Кез-кез** — анда-санда. *Кез-кезде гана чырылдаган чегирткенин табышы угулат* (Жантөшев). *Аркы үйдөн кез-кез иттин үнү угулат* (Жантөшев). **Кез болуу, кез келүү** — жолугуу, кезигүү, кездешүү, кабылуу. *Кез келгенин бир сайып, Жыгып жүрөт Алмамбет* («Манас»). *Бир убакта.. пахта терип жүргөн бир топ кыз-келиндерге кез болдук* (Бөкөнбаев).

КЕЗ III *этиш.* Кыдыруу, бет келди жүрүү, тентирөө, сапар чегүү. *Тентидик, кездик, Таманды тештик, Бүгүн мында, Эртең анда* (Элебаев).

КЕЗДЕ *этиш.* Кез менен ченөө, өлчөө.

КЕЗДЕТ кезде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗДЕМЕ *зат.* Кез мал, текстиль товарлары. *Батый [сыйлыкка] бир топ кездеме.. алды* (Сасыкбаев). *Биз кирген там кездемеге тиреленген, Түркүн малдуу универмаг өзү экен* (Аалы).

КЕЗДЕШ *этиш.* Кезигүү, жолугуу, кабылуу. *Сени менен экинчи жолу кездештик* (Аалы). *Мына, пейли жакшы кишилер күтүлбөгөн жерден кездешет* (Каимов).

КЕЗДЕШТИР кездеш этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗДЕШҮҮ кездеш этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗДИК *туурасы*: **кестик.**

КЕЗДӨӨ кезде этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗЕ *этиш.* Бир нерсени таптоо, чабууга, саюуга даярдап кармоо. *Найзаны кезеди.*

КЕЗЕК *зат.* 1. Биринин артынан экинчиси келүүчү ирет, катар, кезмек, кезүү. *Кезек менен кайтарып, Эсен багып тургула* («Эр Табылды»). *Эмки кезек Уркуяга тийди* (Байтемиров).

2. Мезгил, учур, убак, кез. *Турумбектин суудай суюк, оттой тентек кезеги* (Сыдыкбеков). *Анда мен бой тартып.. он бешке чыгып калган кезегим* (Жантөшев).

◆ **Кезек-кезек** — анда-санда, кез-кез. *[Ышкынаалы].. кезек-кезек терең дем алып улутунгандан башка сөз айткан жок* (Байтемиров).

КЕЗЕКТЕШ *этиш.* Алмак-салмак, биринен кийин бири кезек менен иштөө, өз кезегин ээлөө, бирине бири кезек беришүү.

КЕЗЕКТЕШТИР кезектеш этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗЕКТЕШҮҮ кезектеш этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗЕКТҮҮ *сын.* Кезеги бар, кезеги келген, катарлуу, иреттүү. *Кыюусу келсе сөзүңдүн, Кезектүү кептен уялба* (Токтогул). *Кезектүү жыйналыш.*

КЕЗЕКЧИ *зат.* Кезеги келген киши. *Ар кайсы үйдөн короо кайтарууга кезекчилер чыгышты* (Жантөшев).

КЕЗЕН 1. кезе этишинин өздүк мамилеси.

2. Ызырынуу. *Чечинген суудан кайтпас, кезенген жоодон кайтпас* (макал).

КЕЗЕНҮҮ кезен этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗЕР *этиш.* Абдан ачка болуу, өзөрүү. *Кезерип ачка баарыбыз* (Аалы).

КЕЗЕРТ кезер этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗЕРҮҮ кезер этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗЕШ кезе этишинин кош мамилеси.

КЕЗГИН *зат.* Кезип жүрүүчү, кыдырып жүрүүчү адам.

КЕЗИГИШ *этиш.* Кездешүү, жолугушуу.

КЕЗИГИШҮҮ кезигиш этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗИГҮҮ кезик этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗИК I *зат.* Айыкпас дарт. *Кезик, келте оорулар Бир жагынан тооруду* (Каралаев). *Капшап болуп Чыңгышты Айыкпас кезик тооруптур* (Жантөшев).

КЕЗИК II *этиш.* Жолугуу, учуроо, кез болуу, кабылуу. *Кокустан жоо кезиксе, Берейин анын сазайын* (Жантөшев). *Кээ бир жерден топ-топ болуп аркар, кийик кезигет* (Бөкөнбаев).

КЕЗИКТИР кезик этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗМЕ *сын.* Селсаяк, кыдырып жүрмө (адам жөнүндө).

КЕЗМЕК *зат.* Кезек, ирет.

КЕЗӨӨ кезе этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗҮҮ I *зат.* Кезек, кезмек (көбүнчө мал кайтарууга карата). *Кезүүсү келген аялдар короо кайтарууга чыгышты* («САЖИ»). *Жылкынын кезүүсүн бөлүшүп алалы* (Жантөшев).

КЕЗҮҮ II кез этишинин кыймыл атоочу.

КЕЗҮҮЛӨШ *этиш.* Кезектешүү, кезүүсүн алмаштыруу , кезүү менен кайтаруу. *Кечинде кайта камашып, Кесеп турат солдаттар, Кезүүлөшүп кайтарып* (Токтогул).

КЕЗҮҮЛӨШТҮР кезүүлөш этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЗҮҮЛӨШҮҮ кезүүлөш этишинин кыймыл атоочу.

КЕЙБИР *сын.* Келесоо, макоо. *Кейбир кылат өзүңдү, Кеп салбагын маңызга* (Токтогул). *Эй бир кейбир экенсиң да* (Бейшеналиев).

КЕЙИ *этиш.* Кайгыруу, капа болуу, *Айша кейип-кепчиген Бурулчанын көңүлүн көтөрмөкчү болду* (Баялинов). *Эмне эле кейип жатасың, Айша? — деди Калмурат* (Абдукаримов).

КЕЙИП *зат.* Көрүнүш, ирең, өң, кебете, турпат. *Батыш сырт кейпинде.. койдон*

момун көрүнгөн менен.. өзүнө жан тең-кебейт (Сыдыкбеков). *Ал менин бул кейпимди көргөндө менден оолактап качар* («Советтик Кыргызыстан»).

◊ **Кейпин кийүү** — окшошуу, башка бирөөнүн абалына түшүү. *Каныбекти колуңдан чыгарсаң, менин кейипмди киериңде шек жок* (Жантөшев).

КЕЙИПТЕН *этиш.* Кебетесинде болуу, сыяктануу, өңдөнүү, кебетеленүү, түспөлдөнүү. *Качкан киши кейиптенбей кашына кирип барайын* («Саринжи—Бөкөй») *Адис мерген кейиптенип, Зоодо ойносоң жигиттик* (Барпы).

КЕЙИПТЕНҮҮ кейиптен этишинин кыймыл атоочу.

КЕЙИТ кейи этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЙИШ I *зат.* Убайым, капа, муң, кайгы. *Кейиште калуу. Кейиште жүрүп азаптануу.*

КЕЙИШ II кейи этишинин кош мамилеси.

КЕЙИШТҮҮ *сын.* Капалуу, кайгылуу, убайымдуу. *Анда-санда онтогон кейиштүү үндөр угулат* (Сыдыкбеков). *Жибек кейиштүү баш чайкады* («Ала-Тоо»).

КЕЙКЕЙ *этиш.* Башын артка бир аз чалкалатып жүрүү, кержейүү. *Кейкее басып Бакдөөлөт Жакыптын келди өзүнө* («Манас»).

КЕЙКЕЙТ кейкей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЙКЕЙҮҮ кейкей этишинин кыймыл атоочу.

КЕЙКЕКТЕ кейкеңде менен бирдей.

КЕЙКЕҢДЕ *этиш.* 1. Кержектөө, башын чалкалатып жүрүү, башын чалкалата көтөрүү, силкүү. *Кеп жүйөсүн билбейсиң, Кейкеңдеген балдар-ай* (Осмонов).

2. *өт.* Бой көтөрүү, чоңсунуу, кекирейүү, менменсинүү.

КЕЙКЕҢДЕТ кейкеңде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЙКЕҢДӨӨ кейкеңде этишинин кыймыл атоочу.

КЕЙПИ *мод.* Сыягы, болжолу, калыбы, кебетеси. *Бул мен көрбөгөн мылтык окшойт, кейпи, жуз атар болсо керек* («САЖИ»). *Кейпи, мен бүгүн кете алгыдай эмесмин* («Ала-Тоо»).

КЕЙҮҮ кейи этишинин кыймыл атоочу.

КЕК *зат.* Өч, кастык. *Душманга кекти кетиргенче, денден башты кетирген артык* (макал). *Кедейлер алып бердиңер Керимбайдан кегимди* (Токтогул). *Мен андай майда ишке кек сактай турган киши белем* (Байтемиров).

КЕКЕЙ *этиш.* 1. Кекейүү, кержейүү, башын бир аз жогору көтөрүү. [*Карышшак*].. *мунчандай болуп кекейип калды* (Байтемиров).

2. *өт.* Көтөрүлүү, менменсинүү.

КЕКЕЙТ кекей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКЕЙҮҮ кекей этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЕН *этиш.* Бирөөнү жаман көрүп, ичине кек сактап калуу, жамандык ойлоо, кек кылуу. *Кекенип калды, бирдеме кылып жүрбөсүн.*

КЕКЕНТ кекен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКЕНҮҮ кекен этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЕҢДЕ кейкеңде менен бирдей.

КЕКЕТ *этиш.* Жекирүү, жемелөө, кагып-сегүү, коркута орой сүйлөө. *Кекетпе, болуш, кекетпе, Кудайдын досу болсоң да* (Бөкөнбаев).

◆ **Кекетип-мокотуу** — жемелөө, жекирүү, кагып-силкүү, урушуу, сүйлөнүү.

КЕКЕТҮҮ кекет этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЕЧ *зат.* Сөздү шар сүйлөй албаган, мукактанып сүйлөгөн киши.

КЕКЕЧТЕН *этиш.* Мукактануу, сөздү шар айта албай, токтолуп-токтолуп айтуу. *Шабыралы кекечтенип сүйлөй албайт* (Байтемиров).

КЕКЕЧТЕНТ кекечтен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКЕЧТЕНҮҮ кекечтен этишинин кыймыл атоочу.

КЕКИЛИК *зат.* Тоок тукумуна кирүүчү жүнү чаар жапайы канаттуу. *Улар, кекилик, чил өңдүү куштар жүнүн жейт* (Сасыкбаев).

КЕКИР *этиш.* Кызыл өңгөчтөн ооз көндөйүнө бөлүнгөн газ аркылуу дабыш чыгаруу. *Чакырылган меймандар карт-карт кекирип, ириктин этин жешти* («САЖИ).

КЕКИРЕ *зат.* Ачуу даамы бар, жапыз өсүүчү куурай, отоо чөп.

КЕКИРЕЙ *этиш.* 1. Кекейүү, кейкейүү, кержейүү.

2. *өт.* Бой көтөрүү, чоңсунуу, менменсинип жүрүү, көтөрүлүү. *Көз айнегин тумшугуна түшүрүп, кебетеси келишпесе да кекирейип, бою болбосо да, болуксунуп жүрүүчү* («САЖИ»).

КЕКИРЕЙТ кекирей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКИРЕЙҮҮ кекирей этишинин кыймыл атоочу.

КЕКИРЕҢ *диал.* Кекире.

КЕКИРИК *зат.* Кекиргендик.

КЕКИРТ кекир этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКИРТЕК *зат.* 1. Адамдын, жаныбарлардын ооз көндөйүнүн арткы бөлүгүнөн өпкөгө чейинки аба жүрүүчү түтүкчө.

2. Алкым, моюндун кекиртек орношкон жагы. *Арыстандай кекиртектен алып жыктың* (Бөкөнбаев).

◆ **Кызыл кекиртек** — 1) кур кыйкырыкчыл, орунсуз эле бир нерсени талашып кыйкыра берүүчү, талашчаак, чыр. *Кээ бир адам оозунду ача электе эле кызыл кекиртек болуп айтышууга даяр турат* («САЖИ»); 2) тамак, оокат. *Кызыл кекиртек айынан мында келдим* (Абдукаримов). **Куу кекиртек** — тамагы жаман, өзүмчүл, сараң, катуу. *Азимжан, Турдубайдай куу кекиртектин отурган жерин кетмен-*

деп салуу керек (Бөкөнбаев). **Өз кекиртегин ойлоо** — өз тамагын, өз кызыкчылыгын ойлоо.

КЕКИРТЕКТЕ *этиш.* Кекиртектен алуу, кекиртектен кармоо.

КЕКИРТЕКТӨӨ кекиртекте этишинин кыймыл атоочу.

КЕКИРҮҮ кекир этишинин кыймыл атоочу.

КЕКСЕ *сын.* 1. Улгайган, жашап калган, бир топ жашка чыккан, картаң. *Мен сыяктуу далай жылды узаткан Кардай сакал кекселерди көп көргөн* (Аалы).

2. Айлакер, амалдуу, митаам, такшалган, бышыккан, машыккан. *Анткени менен Сурма оңой кекселерден эмес болуучу* (Байтемиров). *Безруков согушка жеде кан болгон кексе жоокер эмес эле* (Сыдыкбеков).

КЕКСЕЛЕН *этиш.* Кууланууу, амалдануу, митаамдануу. *Кекселенсе Алтыбай Кекээрлүү сөздөн салалык* («Эр Табылды»).

КЕКСЕЛЕНҮҮ кекселен этишинин кыймыл атоочу.

КЕКСЕЛИК *зат.* 1. Жашы жеткендик, улгайгандык, карылык.

2. Митаамдык, айлакердик, амалдуулук. *Кекселикке салганы, Кетер жагын бет алып, Кетенчиктеп калганы* («Манас»).

КЕКТЕ *этиш.* Бирөөгө каршы кек сактоо, кек кылуу, кекенүү. *Өткүрө сүйлөп кеп айтсаң, Өлгөнчө кектеп унутпайт* (Токтогул). *Керимбайдын кылганын Кектеп кетип барамын* (Токтогул).

КЕКТӨӨ кекте этишинин кыймыл атоочу.

КЕКТҮҮ *сын.* Бирөөгө кеги, өчү бар. *Орусбекке кектүү араң турган балдар туш-туштан чуркашты* (Сыдыкбеков). *Элиндеги кектүүдөн Кегинин баарын алыптыр* (Жантөшев).

КЕКЧЕЙ *этиш.* Кекейүү, какчыюу, башын арт жакка чалкалатуу, кержейүү. *Чепти көруп чекчейип, Туюктанып кекчейип* («Эр Табылды»). *Кантебиз деп мекчейип, Мойнум барат кекчейип* («Манас»).

КЕКЧЕЙТ кекчей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКЧЕЙҮҮ кекчей этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЧЕҢДЕ *этиш.* Башты көтөрүп кейкеңдеп жүрүү. [*Эсер*] *Бугимовдун мойну кекчеңдей түштү* (Сасыкбаев).

КЕКЧЕҢДЕТ кекчеңде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕКЧЕҢДӨӨ кекчеңде этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЧИЛ *сын.* Кекти, өчтү, жамандыкты унутпаган, кек санагыч. *Өгөй—өөнчүл, жетим—кекчил* (макал).

КЕКЭЭР *зат.* Кээр сөз, кер какшык. *Кекээри жок, кер какшыгы жок сүйлөөгө болбойбу* (Убукеев).

КЕКЭЭРДЕ *этиш.* Какшыктоо, кекээр сүйлөө, кээр сөз сүйлөө. *Каныбек саал кекээрдеп сүйлөдү* (Жантөшев). *Өткөн иштин эмнесин кекээрдеп какшыктайсың.*

КЕКЭЭРДӨӨ кекээрде этишинин кыймыл атоочу.

КЕКЭЭРДҮҮ *сын.* Кер какшыктуу, кээрлүү, кекээрлеп айтылган. *Кошойдон кекээрдүү, өкүм, орой сөздөн башка эч кандай жылуулуктун илеби келбейт* (Аалы). [*Айдарбек*] *Көкөнү кекээрдүү үн менен чакырды* (Жантөшев).

КЕКЭЭРЛҮҮ кекээрдүү менен бирдей.

КЕЛ *этиш.* 1. Бир жерден экинчи жерге баруу, белгилүү бир жерге, орунга, үйгө ж. б. баруу. *Коноктор айтылган күнү эрте келишти. Окуучулар мектептен тарап, үйлөрүнө келишти. Келин жаман эмес, келген жери жаман* (макал).

2. Бирөөнү чакырганда же чакыргандыкты билдирүү иретинде айтылат.

3. Жашка толуу, чыгуу. *Жигиттин болор кези замандашы, Оролуп он жетиге келген кези* (Турусбеков).

4. Жүрүү, согуу. *Жакадан жылуу жел келди, Жылуу жел жерге дем берди* (Шүкүрбеков).

5. Бир нерсенин көлөмүн, ченин, өлчөмүн, санын белгилөөдө айтылат. *Белден келген чөп. Кишн бою келген чалкан. Узундугу он километрдей келген жер. Жүз центнерче келген эгин. Алган айлыгы жүз сомчо келет.*

6. Сапатты, мүнөздү билдирүүдө колдонулат. *Аял боорукер келет. Жардылар кайрымдуу келет.*

7. Билинүү, сезилүү. *Буркурап атырдын жыты келет* (Шүкүрбеков).

8. Келишкен, жарашкан, сымбаттуу. *Бардык мүчөсү келген ат.*

9. Каалоону, эңсөөнү, тилекти билдирүүдө колдонулат. *Баргым келет. Үйкум келет. Ар дайым сенин жаныңда болгум келет.*

10. Пайда болуу, жаралуу. *Жини келди. Ачуусу келди.*

КЕЛБЕТ *зат.* Турпат, сымбат. *Эргеш мурунку көркү менен келбетинен аксап басууга айланды* (Жантөшев). *Жийдегулдун келбети, көз карашы Андрейге алда немедей көрүндү* (Сасыкбаев).

КЕЛБЕТТҮҮ *сын.* Сымбаттуу, келишимдүү. *Келишип кошор кеңешин Келбеттүү нечен баатырлар* (Нуркамал).

КЕЛГИН *зат.* 1. Жылдын белгилүү мезгилинде келип, учурунда кайра кетип туруучу канаттуулар. *Көгөрүп жердин бак-шагы, Келгиндер келе баштады* (Шүкүрбеков).

2. Жергиликтүү эмес, башка жактан келген, сырт кишилер. *Сарайдагылардын бардыгы келгин болгондуктан, бирин-бири таанышайт* (Жантөшев).

КЕЛДЕ *диал.* Баш.

КЕЛЕ I *зат.* 1. Кымкап өндүү ткандарга бастыруу үчүн колдонулуучу жезден жасалган ичке сым жип, же алтын-күмүштүн буусуна кармаган ичке жип.

2. Абдан кымбат баалуу кездеме, материал. *Келеден чапан мен түйдум.*

КЕЛЕ II *этиш.* Бер деп суроону билдирүүчү сөз. *Акман аке, келе комузду* (Сыдыкбеков).

КЕЛЕГЕЙ *сын.* 1. Чала, толук эмес уюган (көбүнчө айран, сүт жөнүндө).

Келегей тартып, ирип туруп алды (Убукеев).

2. Так, таасын сүйлөй албаган, тантык. *Тили келегей. Тили.. келегей болгондуктан ал «р» тамгасын «й» деп айтчу* («Жаш ленинчи»).

КЕЛЕКЕ *зат.* Шылдың, мыскыл. *Ой, сен окуйсуңбу же мени келеке кыласыңбы* («Ала-Тоо»).

КЕЛЕКЕЛЕ *этиш.* Шылдыңдоо, мыскылдоо. *Кыз-келиндер Момуштун ырын келекелеп күлүшөт* (Бөкөнбаев).

КЕЛЕКЕЛЕТ келекеле этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЛЕКЕЛЕШ келекеле этишинин кош мамилеси.

КЕЛЕКЕЛӨӨ келекеле этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛЕМИШ *зат.* Чыкан түркүмүнө кирүүчү, бирок андан чоңураак сүт эмүүчү, кабырчыктуу узун куйругу бар, көбүнчө көк түстөгү чычкандын бир түрү.

КЕЛЕП *зат.* Боёого же түрүүгө ылайыкталып чалынган эндей түрмөк жип. *Бир келеп жип.*

КЕЛЕПТЕ *этиш.* Келеп-келеп кылуу, келептерди жасоо. *Бир кемпир жүн келептеп отура албай Үшкүрүп сөз сүйлөдү өзүн ачып* (Аалы).

КЕЛЕПТЕТ келепте этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЛЕПТӨӨ келепте этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛЕРКИ *такт.* Эмки келүүчү, алдыда болуучу. *Аман болсом келерки жазда үстүңөргө барам* (Жантөшев). *Келерки мол түшүмү үчүн күрөшөлү* («Советтик Кыргызстан»).

КЕЛЕСИ келерки менен бирдей.

КЕЛЕСОО *сын.* Макоо, акылсыз, кем акыл. *Бала күндөн келесоо, Эс акылы такыр жок* (Тоголок Молдо). *Бул келесоону колго түшүрдүк* (Бөкөнбаев).

КЕЛЕСООЛОН *этиш.* Макоолонуу, келесоолук кылуу; билмексен болуу, арамзалануу, кууланууу.

КЕЛЕСООЛОНУУ келесоолон этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛЕСООЛУК *зат.* Макоолук, акылсыздык, дөдөйлүк. *Келесоо чалыш дейсиң. Анын келесоолук кылганын кайдан көрдүң.* (Байтемиров).

КЕЛЕЧЕ *зат.* Шылдың, мыскыл, келеке. *Кыз-келиндер.. Аманга бир катар келече сөздөрдү айтып өтүп кетишти* (Убукеев). *Эки калмак делдектеп, Келече кылат күн сайын* («Эр Табылды»).

КЕЛЕЧЕК *зат.* Болочок, алдыдагы боло турган. *Жаштардын келечегинен үмүтүм чоң* (Жантөшев). *Келечек жөнүндөгү ой кимдердин акылын бийлебеген* (Абдумомунов).

КЕЛЕЧЕЛЕ *этиш.* Шылдыңдоо, мыскылдоо, келекелөө, маскаралоо. *Шарипти отурган кыз-келиндер келечелей баштады.*

КЕЛЕЧЕЛӨӨ келечеле этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛЖИРЕ *этиш.* Маанисиз сөздөрдү көп сүйлөө, маңызданууу, калжырап сүйлөй берүү. *Олуям чынды билбейсиң, Келжирейсиң, сүйлөйсүң* (Барпы).

КЕЛЖИРЕК *сын.* Маңыз, сүйлөөк, калжырак. *Барпы, келжирегтериң көбөйүп кетти* (Байтемиров).

КЕЛЖИРЕКТИК *зат.* Маңыздык, калжырактык, көп сүйлөөчүлүк, тантыраганлык.

КЕЛЖИРЕТ келжире этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЛЖИРӨӨ келжире этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛИМ: келим-кетим — келип-кетүүчүлөр, меймандар, каттап туруучулар. *Келим-кетимибиз көп.*

КЕЛИН *зат.* 1. Уулунун же иниси-нин аялы. — *Байбиче, келиниңиз көрсөткөн орунга өтүңүз* (Сыдыкбеков).

2. Тууган-туушкандардын өзүнөн кичүүлөрүнүн аялдарына карата колдонулуучу сөз.

3. Жаш аялдарга карата колдонулуучу сөз.

◆ **Келин-кесек** — жаш аялдар, келиндер. *Бай тышта жүргөн кызы Сайкалды, келин-кесектерин да үйүнө кийрип алды* (Убукеев).

КЕЛИНЧЕК *зат.* Жаш келин. *Чолпон чолпон дегендей эле татынакай келинчек болгон* (Сыдыкбеков). *Жамыйла.. жумушка кайраттуу, мыкты келинчек* (Айтматов). *Эри өлүп эрге тийген катын келинчек болот* (макал).

КЕЛИРКИ келерки менен бирдей.

КЕЛИШ *этиш.* Ынтымакташуу, жарашуу; макулдашуу, бир бүтүмгө келүү. *Ал кезек мындай эрлер келише албас, Туш-тушту туман баскан заман дечи* (Турусбеков).

КЕЛИШИМ I *зат.* Бир нерсени аткаруу үчүн макулдашылган бүтүм, чечим, договор. *Согуш! Душман өзү койгон колуна өзү түкүрүптүр, келишимин тепсептир* (Сыдыкбеков).

КЕЛИШИМ II *зат.* Келбет, сымбат, көрк, жарашык.

КЕЛИШИМДҮҮ *сын.* 1. Келбеттүү, сымбаттуу, сындуу, келишкен, жарашыктуу. *«Ак-Булак» колхозу тараптан басыгы тетик келишимдүү боз ат минген, чийкил сары жигит чыга келди* (Абдумомунов). [*Ракыянын*].. *мүчөсү келишимдүү эле* (Байтемиров). [*Тумакты*].. *кынаптап келишимдүү кылып жасап берген* (Бейшеналиев). *Шаңкыйып келишимдүү ак үйлөрдү Көрөсүң ал аңгыча сен ыраактан* (Шүкүрбеков).

2. Укмуктуу, кызыктуу, жагымдуу. *Келишимдүү ар түрлүү, Кептен козгоп сайрады* (Тоголок Молдо).

КЕЛИШИМСИЗ *сын.* Сымбатсыз, көрксүз, жарашыксыз.

КЕЛИШКИЧ *зат.* Келишүүчү, жарашуу, келишүү саясатын жүргүзүүчү.

КЕЛИШТИР *этиш.* Мыкты кылуу, келбетине чыгаруу,көркүнө чыгаруу. *Кийимдин жакшы болмогу, Келиштирип тигүүдөн* (Осмонкул). *Жасадым келиштирип сонун букет* («САЖИ»).

КЕЛИШТИРҮҮ **келиштир** этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛИШҮҮЧҮ **келишкич** менен бирдей.

КЕЛИШҮҮЧҮЛҮК *зат.* Келишип кетүүчүлүк, келишип кетүү саясатын жүргүзүүчүлүк.

КЕЛКИ *сын.* Жазы, туташ. [*Касымдын*] *жайык бетинин нуру өчпөстөн, кайра багжагай келки сакалына жарашып турган-сыйт* (Таштемиров).

КЕЛМЕ *зат. дин.* Мусулмандардын ишенимининн символу. *Оронгонун селде экен, Оозунан чыккан келме экен* (Токтогул). *Молдо келме келтирди* (Сасыкбаев).

КЕЛТЕ I *зат. мед.* Тиф оорусунун бардык түрлөрүнүн жалпы аты.

КЕЛТЕ II *зат.* Эски мылтыктардын бир түрү. *Ак келте. Кара келте.*

КЕЛТЕ III *сын.* Кыска, чолок. *Чынар жашын адамзатка берсечи, Бул табият келте кылып ченебей* (Аалы).

КЕЛТЕК *зат.* Таяк, союл. *Көкө.. узундугу төш жарымча эки келтек жасады* (Касымбеков).

КЕЛТЕКТЕ *этиш.* Уруу, сабоо, таяктоо. *Рыскулбек датка балдары Кедейлерди келтектеп, Далайдын башын кандады* (Токтогул).

КЕЛТЕКТӨӨ **келтекте** этишинин кыймыл атоочу.

КЕЛТИР **кел** этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЛҮҮ **кел** этишинин кыймыл атоочу.

КЕМ *сын.* 1. Аз, кемчил, жетишсиз, толук эмес, түгөл эмес. *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар, Кем эмес, сага жетер чамабыз бар* (Осмонов). *Кем берип, ашык алып пайда тапты* (Борбугулов). *Малым элден кем эмес, Мал алчу кыздан мен эмес* (Үсөнбаев).

2. *өт.* Жаман, кор. *Элине кызмат ак кылса, Эзелде башы кем болбойт* («Эр Табылды»).

◆ **Кем калбоо** — артта калбоо, бирдей болуу, барабар болуу, теңтайлашуу. *Ташбайдын баласы Ашымдан кем калбайт* (Сыдыкбеков). **Эң кеминде** — эң эле аз дегенде, эч болбогондо. **Кем-карч** — жетишпей турган, зарыл болгон, али толук боло элек нерселер, оокат, муктаждык. *Таң заарынан туруп, аттануучу уулунун кемкарчына киришти* (Бейшеналиев). *Кемкарчыңа жаратып ал деп атасы уулуна тыйын берди* (Бейшеналиев).

КЕМБАГАЛ *сын.* Кедей, жарды, колунда эч нерсеси жок. *Совет мектебинин эшиги кедей-кембагалдардын балдары үчүн ачык* (Сыдыкбеков). *Манаптар кедей-кембагал букараларга оор салыктарды салып.. турган* (Тоголок Молдо).

КЕМЕ *зат.* Жүк ташуу, промыслолук, согуштук максаттарда сууда жүрүүчү ири транспорттук каражаттардын жалпы наамы. *Капитан кеме башын алып барат, Көгүлжүм көлдүн бетин улам карап* (Маликов). *Ысык-Көлдөн жүрүп кетсе кемеси, Чагылышып көлдө жүрөт элеси* (Аалы).

КЕМЕГЕ *зат.* От жагылуучу жер, очок.

КЕМЕЛ: кемелине келгенде — баралына жеткенде, толуп жетилгенде.

КЕМЕНГЕР *сын.* Акылман, даанышман; жол башчы, жетекчи. *Кеменгер өзүн көрсөтүп, Үйрөткөн элин талбаска* (Аалы). *Кеменгерсиң, партияга Калтырашат душман кас* (Аалы).

КЕМЕНТАЙ *зат.* Малчылар жаан-чачында жана суукта кийүүчү жүндөн жасалган калың сырт кийим. *Үстүндө кара баркыт жакалуу ак кементай* (Жантөшев) [*Токтогул*].. *эски кементайды үстүнө тартты* (Аалы).

КЕМЕР I *зат.* Сырт жагына күмүш чаптырылган, кооздолгон жазы кайыш кур, илгич. [*Апар*].. *оймосуна бермет төккөн укмуштуу кемерди даткага курчады* (Аалы). *Керимахунга кемер жасатайын дедим эле* (Жантөшев).

КЕМЕР II *зат.* Суу жеп кеткен жээк, жарча. *Чолпонбай кемер жараңка менен тике өйдө чуркап жөнөдү* (Жантөшев).

КЕМИК *зат.* Сөөктүн жумшак майлуу бөлүгү. *Устукан сөөктө кемик бар* («Эр Төштүк»).

◆ **Бор кемик** — жаш малдын (көбүнчө торпок, музоонун) жумшак, даамдуу кемиги. **Керкисинде да бар, кемигинде да бар** — экөөндө тең бар, айып тигинисинде да, мунусунда да бар, экөө бирдей күнөөлүү.

КЕМИКТЕ *этиш.* 1. Сөөктүн кемигин чыгаруу, кемирүү,

2. *өт.* Бир нерсени кичинеден майдалап, жукалап алуу, бир четинен алуу.

КЕМИКТӨӨ **кемикте** этишинин кыймыл атоочу.

КЕМИН *туурасы:* **кепин.**

КЕМИР *этиш.* 1. Бир нерсени кашка тишке салып омуруу, тиштегилөө, кажуу, кетүү. *Ата менин отургузган жыгачтарымды мал кемирип салбасын* (Сыдыкбеков). *Ооздугун кемирип, Ойноктогон Телтору ат* («Курманбек»).

2. *өт.* Жемеге алуу, тилдөө, каарын төгүү. *Алайга барып топ кылса, Анчамынча док кылса, Касымбек келип демигер. Кары-жашың кемирер* (Тоголок Молдо).

КЕМИРЕЙ *этиш.* 1. Кемшейүү (көбүнчө оозунда тиши жок кишилерге карата).

2. Нерсенин бир жак бөлүгү урап, кулап, бузулуп калуу.

КЕМИРЕЙТ **кемирей** этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМИРЕЙҮҮ **кемирей** этишинин кыймыл атоочу.

КЕМИРЕҢДЕ *этиш.* Кемшеңдөө. *Кемиреңдеп көз артка Хан Бекей эмес экебиз* («Сарыжжи — Бөкөй»).

КЕМИРЕҢДӨӨ **кемиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

КЕМИРТ **кемир** этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМИРҮҮ **кемир** этишинин кыймыл атоочу.

КЕМИРҮҮЧҮ *зат.* Мандай тиши абдан өскөн, өсүмдүктөрдү кемирип, кажып жиберүүчү майда сүт эмүүчү жаныбарлар.

Кемирүүчүлөргө коёндор, тыйын чычкандар, сары чычкандар ж. б. кирет.

КЕМИРЧЕК *зат.* 1. Омурткалардын, муундардын, жиликтердин учтарын жаап, бири-бири менен туташтырып турган анча катуу эмес бөлүгү, чемирчек.

2. Өзөгү солкулдак, ийилчээк келген жапайы өсүмдүк. *Анын [белдин] бетинде көйкөлгөн шибер, жайкалып жаткан кемирчек, баш аламан чыккан түрдүү майда гүл* (Байтемиров).

КЕМИТ кеми этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМИТҮҮЧҮ *зат. мат.* Кемий турган сандан алынуучу сан.

КЕМПИР *зат.* Карыган аял. *Тиши жок кемпир, чалдарга Туурап берген май жакшы* (Жантөшев).

◆ **Кемпир-кесек** — карыган, жашап калган аялдар. — *Ой, Бүбүш,.. аркы кемпир-кесектерди чакыра кел* (Бейшеналиев). **Жез кемпир** — 1) *миф.* мурун, тырмактары жезден болгон укмуштуу, сыйкырдуу кемпир; 2) күү, шум, какчандаган, колунан жакшылык келбеген кары аялдарга, кемпирлерге карата айтылат. **Жез кемпирдин жедеси** — жаандан кийин күндүн нурунун чагылуусунун натыйжасында асманда пайда болгон жаа сыяктуу ар түрдүү түстөгү тилке, көк желе, асан-үсөн. *Кечинде, күндүн көзү бүркөлгөндө, Көрүндү жез кемпирдин кош желеси* (Шимеев).

КЕМСАЛ *туурасы*: **кемсел.**

КЕМСЕЛ *зат.* Жалаң же пахта салып жасалган тизеге чейин келген сырт кийим. *Каныйпа чалына бөт мандай отуруп, анын... желбегей жамынган кемселин акырын оңдоп койду* (Абдумомунов).

КЕМСИН *-этиш.* Басынуу, корунуу, өзүн башкалардан төмөн, кем көрүү.

КЕМСИНТ кемсин этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМСИНҮҮ кемсин этишинин кыймыл атоочу.

КЕМТИК *сын.* 1. Кем, толук эмес, жетишсиз.

2. Кетик, тегиз эмес, кетилген жери бар. *Тегиз чыңап кемтигинди эптедим* (Осмонов).

3. *өт.* Жетишпегендик, кемчилик, ката, айып. *Турмушка бышпагандык бул—чоң кемтик* (Абдыраманов). *Кемтиги жок кебинде* («Манас»).

КЕМҮҮ кеми этишинин кыймыл атоочу.

КЕМҮҮЧҮ *зат. мат.* Кемий турган сан, алынуучу сан.

КЕМЧЕТ *зат.* Кемирүүчүлөр тобуна кирүүчү териси баалуу жаныбар. *Кыздары киет кыргыздын Кымбат баа кемчет, кундузду* («Курманбек»).

КЕМЧИЛ *сын.* Кем, жетишсиз, толук эмес, кемтик. *Күмүшай апа бир нерседен кемчил болот экемин деп ойлоочу эмес* (Абдумомунов). *Эгин суудан кемчил болбосун.*

КЕМЧИЛДИК кемчилик менен бирдей.

КЕМЧИЛИК *зат.* 1. Жетишсиздик, жетпегендик, жокчулук. *Калган-каткан кемчиликтерин дагы акылдаша жатарбыз* (Жантөшев).

2. *өт.* Жаңылыштык, каталык. *Кемчиликти бетке айткандын айбы жок* (Осмонкул). *Ыйлаак кемчилигин мойнуна алды* (Байтемиров).

КЕМШЕЙ *этиш.* Оозунда тиши жок болуп көрүнүү, кемирейүү. [*Кемпир*] *кемшейген оозун бек кымтып.. күйут ташкынын басмак болду* (Касымбеков).

КЕМШЕЙТ кемшей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМШЕЙҮҮ кемшей этишинин кыймыл атоочу.

КЕМШЕҢДЕ *этиш.* Тиши жок ээкти же кем ээкти кыймылдатуу. *Кемшеңдеп ыйга кирген бир кемпирди Берендин балбылдаган көзү чалды* (Аалы). *Демейде жашык Умсунай кемшеңдеп, эриндери чойроё баштады* (Сасыкбаев).

КЕМШЕҢДЕТ кемшеңде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕМШЕҢДӨӨ кемшеңде этишинин кыймыл атоочу.

КЕМШИЙ кемшей менен бирдей.

КЕН *зат.* 1. Жерден казып алынуучу көмүр, темир, алтын, күмүш сыяктуу жер байлыгы. *Жакшы—эли менен, жер—кени менен* (макал).

2. *өт.* Казына, байлык. *Калем алып жазайын Казалдын кенин ачайын* (Осмонкул).

КЕНАФ *зат.* Сабагынан була алынуучу өсүмдүк. [*Панфилов колхозу*].. *кенаф өндүрөт* («Коммунист»).

КЕНГУРУ *зат.* Австралияда жашоочу, боорунда баштыкчасы бар, арткы буттары узун, сүт эмүүчү жаныбар.

КЕНДИР *зат.* Сабагынан була алынуучу өсүмдүк, кара куурай жана анын булалары. *Кендир өсөт укуруктай корилип, Зыгыр өсөт катарлаша теминип* (Аалы).

◆ **Кендири кесилүү** — ындыны өчүү, башына иш түшүү, кор болуу.

КЕНДҮҮ *сын.* Кен чыккан, казылып алынуучу жер байлыктары мол. *Түштүгүндө: пахта, жибек, кени бар, Чыгыш жагы кендүү, малдуу Тянь-Шань* (Аалы).

КЕНЕ I *зат.* Кичинекей кан соруучу мите. *Жер кене. Таш кене. Кене менен тулку шерик болуп буудай айдашты* («Жомоктор»).

КЕНЕ II *этиш.* Тоотуу, көңүлүнө, оюна алуу, эсептешүү. *Канчалык азап көрсө да, бир кенеп койгон жок. Батыйнанын кенебей отуруп алышына күйүп кетти* (Убукеев).

КЕНЕ III *туурасы*: **келе.**

КЕНЕБЕСТИК *зат.* Тоотпостук, көңүлүнө, оюна албастык, эсептешпестик, кенеп койбостук, тоң моюндук. *Биздин кишилер.. көңүлчөөктүктү, кенебестикти таштоолору керек* (Сыдыкбеков).

КЕНЕДЕЙ *сын.* Кичинекей, тырмактай. *Жанымда жүргөн кишиден кенедей сырды жашыргым келбейт* (Жантөшев). *Кесептүү манаптан Кенедей пайда таппадык* (Тоголок Молдо).

КЕНЕЛ *этиш.* 1. Чоноюу, кенен болуу, кеңейүү.

2. Жетишүү, кененчилик болуу. *Эл жакшы кенелип, куунай баштады* (Жантөшев). *Бардык жагы кенелип, Алдыңкы элге теңелип* (Калык).

КЕНЕЛТ кенел этишинин аркылуу мамилеси.

КЕНЕЛҮҮ кенел этишинин кыймыл атоочу.

КЕНЕН *сын.* 1. Кең, кеңири, чоң. *Бир бөлмө өтө таза, ары кенен, Толуптур терезеси гүлдөр менен* (Маликов). *Мына биздин кенен Чүй* (Осмонкул).

2. Арбын, мол, көп, жетиштүү, жетик. *..Тоюттардан кенен даярдап берсеңер гана сүт аласыңар* (Убукеев). *Агызып терди маңдайдан, Аштыкты кенен салалы* («Манас»). *Акылга кенен .. кулун сындуу кумар көз болсун* (Жантөшев).

3. *өт.* Март, кең пейил, берекелүү. *Бири кенен, бири тар, Ар бир түрлүү жан болот* (Осмонкул).

◆ **Кенен-кесир** *же* **кенен-чонон** — кеңкесири, жетиштүү; ээн-эркин. [*Түгөл*].. *кенен-кесир жая салынган төшөккө жамбаштап олтура калды* (Бейшеналиев). [*Үйларды*].. *кенен-кесир откоз* (Бейшеналиев). *Кенен-чонон үгүп ал, Керез сөздү мурун ал* (Тоголок Молдо).

КЕНЕНДИК *зат.* 1. Кеңдик, чоңдук, жазылык.

2. Кененчилик, жетиштүүлүк.

КЕНЕНЧИЛИК *зат.* Кеңчилик, жетишкендик, кенендик, көптүк, молдук. *Кененчилик, тыныччылык Партиянын жолунда* (Осмонкул). *Эртеңим—кененчилик, беленчилик, Адамдар керектүүнү жыйган, үйгөн* (Үмөталиев).

КЕНЕП *туурасы*: **кенаф.**

КЕНЖЕ *сын.* 1. Эң кичүү; акыркы, соңку. *Асан — Иликбайдын кенже баласы* (Баялинов). *Эң кенже уулум али жаш* (Сасыкбаев). *Анда-санда кенже туган соолуктардын маараган үндөрү угулат* (Жантөшев).

2. Кызмат же даража, класс, курс ж. б. жагынан кичүүлүктү билдирүү үчүн колдонулат. *Жапар кенже лейтенант деген наам алды* («Советтик Кыргызстан»). *Бүгүн айрыкча кенже класстан окуган балдарга майрам* (Сыдыкбеков).

КЕНЧ *зат.* Байлык, кен, казына. *Силердин да уул, кызыңар.. өз тоосунун кенин казып, кенчине ээ болушсун* (Сасыкбаев). *Ала-Тоонун түгөнбөс кенч, кени бар, Ак калпактуу эркин кыргыз эли бар* (Үсөнбаев).

КЕНЧИ *зат.* Кен казуучу, кенде иштөөчү. *Аңгыча бир аксакал киши келди, Аралап кенчилердин ишин көрдү* (Үсөнбаев).

КЕҢ *сын.* 1. Кенен, чоң. *Көпчүлүк толгон кең зал бир кишиш олтургандай мемирей түшүп, сөз [прокурорго] берилди* (Сыдыкбеков). *Кыздар ортонку кең көчөгө өтүштү* (Сыдыкбеков). *Кең бычкан кийим жыртылбайт* (макал).

2. Жазы. *Субагай бет ак жуумал, Кыр мурундуу кең маңдай* (Жантөшев).

3. Көп, мол, арбын. *Нефтилерди, көмүрдү Түгөнбөстөй кең таптык* (Нуркамал).

4. *өт.* Эркин, бош. [*Капиталисттик өлкөдө*].. *кең басууга жолу тар* (Нуркамал).

◆ **Кең-кесири** — кенен-кесири, кененчонон. *Кең-кесири тигилген ак жибек көйнөк* (Сыдыкбеков).

КЕҢГИРЕ *этиш.* 1. Башы айланып, зыңгырап ооруу. *Башым кеңгиреп, жүрөгүм дүпүйгөнсүйт* «(Ала-Тоо»).

2. Эмне кыларын билбей башы катуу. *Үчөө бирдей.. кеңгиреп келатышып, бурчтагы чоң көк үйгө туш келишти* (Сыдыкбеков).

КЕҢГИРЕТ кеңгире этишинин аркылуу мамилеси.

КЕҢГИРӨӨ кеңгире этишинин кыймыл атоочу.

КЕҢДИК *зат.* 1. Кенендик. *Сага бул чапан кеңдик кылат.*

2. *өт.* Эркиндик, боштондук. *Өкмөт берди кеңдикти, Кедейлер алды теңдикти* («САЖИ»).

КЕҢЕЙ *этиш.* 1. Кең болуу, кенелүү, чоңоюу. *Советтик жаңы шаарлар.. күндөн күнгө кеңее берүүдө* (Убукеев).

2. Өсүү, жетилүү, оңолуу. *Телегейи тептегиз, Кеңейген элди карачы* (Токтогул).

КЕҢЕЙТ кеңей этишинин аркылуу мамилеси.

КЕҢЕЙҮҮ кеңей этишинин кыймыл атоочу.

КЕҢЕШ I *зат.* 1. Акыл, насаат. *Жакшы кеңеш — жарым ырыс* (макал).

2. Айтылган сөз, болгон сөз, сыр. *Ушул айткан кеңешти Орду жок жерде айтпагын* (Осмонкул).

3. *эс. сүйл.* Совет. *Айыл кеңеши. Кеңеш өкмөтү* («Эркин-Тоо»). *Кеңеш өкмөтүнүн мыйзамын мен да билем* (Байтемиров).

КЕҢЕШ II *этиш.* Акылдашуу, сүйлөшүү. *Кеңешип кескен бармак оорубайт* (макал). *Ийри отуруп, түз кеңешели* (Жантөшев).

◆ **Кабыргага кеңешүү** — өзүнчө ойлонуп көрүү. *Кабыргаңа кеңешип туруп, жообуңду берип кой, садага* (Сыдыкбеков). **Кеп-кеңешке алуу** — кепке, сөзгө алуу, кошуу; акыл, кеңеш суроо, катыштыруу. *Активдер Акманды кеп-кеңешине алышты* (Сыдыкбеков).

КЕҢЕШМЕ *зат.* Кандайдыр бир маселе боюнча болуучу талкуу, жыйналыш. *Жакында саанчылардын райондук кеңешмеси болду* («Коммунист»).

КЕҢЕШТИР кеңеш этишинин аркылуу мамилеси.

КЕҢЕШҮҮ кеңеш этишинин кыймыл атоочу.

КЕҢЕШЧИ *зат.* Акыл, кеңеш берүүчү. *Кеңешчиң жок болсо, кабырганг менен кеңеш* (макал).

КЕҢИ кеңей менен бирдей.

КЕҢИЛЖЭЭР *зат.* Мурун көндөйүнүн түп жагы. *Кеңилжээрди куйкалап, көздү ачыштырган.. коюу түтүн.. көпкө чейин кетпей уюлгуп турду* (Сасыкбаев).

КЕҢИРИ *сын.* Кенен, кең-кесири; терең. *Пионер Кычандын ысмы кыргыз жаштары-*

нын арасына кеңири таралган (Бейшеналиев). *Комбайн сырын билүүгө Алгыла билим кеңири* (Осмонкул).

КЕҢИТ кеңи этишинин аркылуу мамилеси.

КЕҢКЕЛЕС *сын.* Келесоо, макоо. — *Кантип от-казан болуп отурам, энең барып турган кеңкелес* (Касымбеков).

КЕҢКИЛДЕ *этиш.* Мурдунан сүйлөө.

КЕҢСАЛАР *зат. сүйл.* Канцелярия.

КЕҢСЕ *зат. сүйл.* Канцелярия.

КЕҢҮҮ кеңи этишинин кыймыл атоочу.

КЕҢЧИЛИК *сын.* 1. Кененчилик, жетиштүүлүк.

2. *өт.* Боштондук, эркиндик. *Кеңчилик доор чыкканда, Териме батпай семирдим* (Токтогул).

КЕП I *зат.* 1. Сөз, сүйлөшүлгөн сөз, айтылган сөз. *Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, тер көтөрбөй күлүк болбойт* (макал).

2. *өт.* Мандем, себеп, иш. — *Баса, мунун ичинин азып кеткенинде кеп бар* (Каимов).

◆ **Кепке-сөзгө келүү** — жөнгө келүү; сүйлөшүүгө келүү. *Кепке-сөзгө келбестен, Жакып хан чырды баштады* («Семетей»).

Кеп кылуу — ушактоо. **Кеп салуу** же **кеп уруу** — сүйлөө, аңгемелешүү. [*Эркекыз*].. *жылмайган калыбынан жазбай кеп салды* (Байтемиров). *Кеп урушуп отурдук.* **Кеп угуу** — тил угуу, жеме угуу. **Кеп эмес** — сөз эмес, эч нерсе эмес, арзырлык эмес. **Кеп жебөө** — түшүнбөө, сөзгө, жүйөгө келбөө. *Кеп жебеген неме болсо, тыйтактап айтыша берет* (Таштемиров).

КЕП II *зат.* 1. Сырткы кебете, калып, форма. *Үйдүн кеби жакшы.*

2. Кийим, маска. *Ак куу кебин кийип алып учат экен ал кызыңыз* (Сыдыкбеков). *Кайырчы кебин кийген эме Магазаны сынай карады* («САЖИ»).

◆ **Кеп жыгач** — бут кийимдин калыбы. **Кеп тон** — таанытпас үчүн башкача кебете берүүчү кийим, форма. *Каныкей берген кеп тонду Саралага кийгизди* («Манас»). *Коңурбайдын кеп тонун Алмамбет алып кийинип* («Манас»). **Кеп такыя** *к.* **такыя.**

КЕПЕ *зат.* 1. Кичине, жапыз жаман там, үй. *Баштагы кепе азыр жок. Заңкайган тамдар турганы* (Осмонкул).

2. Сарай, малкана. *Кепеде турган уйга саман таштап коюп, басып кетти* (Убукеев). *Ат кепе.*

КЕПЕР: кепер суук — карандай суук. **Кепер ысык** — жалаң ысык. — *Жок, балам, кепер эле ысык* («САЖИ»).

КЕПЕРЕС *туурасы:* **купорос.**

КЕПИЛ I *зат.* Бирөөнүн милдетин алуучулук, танып же убадасын бузуп кетсе, ошол киши үчүн жооп берүүчү киши. *Жаман кепил жанынан тартат* (макал). *Ителги салба, кепил алба* (макал). *Токтогул качпайт, биз кепилге алалы* (Бөкөнбаев). *Дооң жок болсо, кепил бол* (макал).

КЕПИЛ II *зат.* 1. Беттештирип тигиле турган тигиштин ортосуна коюлуучу тилке.

2. Кошумча, улама, жалгама нерсе. *Бетине кызыл боёк жаап, мурдунун үстүнө кепил койгон.. маскарапоз куудулданып сүйлөп жатты* (Таштемиров).

КЕПИЛДИК *зат.* Бирөө үчүн жооп берүүчүлүк, милдетин алуучулук.

КЕПИН *зат.* Өлгөн адамды ороочу материал. *Дарыкер чалды ак кепинге салып, жакшылап ороп көмдү* («Жомоктор»).

КЕПИНДЕ *этиш.* Өлгөн адамды кепинге ороо, кепинге салуу. *Ажалым жетип мен өлсөм, ак кепиндеп көмгүлө* (Үсөнбаев). *Энемди өзү жуун, ак кепиндеди* (Жантөшев).

КЕПИНДЕТ кепинде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕПИНДӨӨ кепинде этишинин кыймыл атоочу.

КЕПИЧ *зат.* Булгаарыдан колго ултарылган галош сыяктуу бут кийим. *Анархан кепичин коңултак кийип сыртка чыкты* (Жантөшев). *Эне босогодогу кепичин бутуна илди да, каалганы ачты* («Ала-Тоо»).

КЕПКА *зат.* Чекеге келген жеринде кыры, козырёгу бар фуражка сыяктуу баш кийим. *Кара кепкачан Капараалы Андрейдин сынына толду* (Сасыкбаев).

КЕПКЕ *туурасы:* **кепка.**

КЕПКИР *зат.* Боорсок, камыр ж. б. тамак-ашты сүзүп алуу үчүн жасалган буюм, сүзгүч, депкир.

КЕПКОР *сын.* Сөзмөр, кепке-сөзгө шыктуу. *Кепкор экен Эшмамбет* («Эл акындары»)

КЕПСЕН *зат.* Сураган кишилерге кырманчылардын берген эгини. *Сурап кепсен алам деп, Кызыкпа кедей тегинге* («Жазгыч акындар»).

КЕПТЕ *этиш.* 1. Керип-чоюп кийүү, керип-чоюп каптоо, кийгизүү. [*Кемпир*].. *бутуна.. кепичти кептеп алыптыр* (Касымбеков).

2. Капталуу, такалуу. *Өгүз карагайга кептеп жүгүн шыпырды.*

КЕПТЕЛ кепте этишинин туюк мамилеси.

КЕПТЕР *зат.* Көгүчкөн. *Ак кептер учуп жетпеген Асманда учуп барамын* (Бөкөнбаев). *Ак кептер оң ийнине келип конду* (Шимеев).

КЕПТЕШ I *зат.* Эки тарабы кууш, тар кокту, колот. *Тиги кептештеги жалгыз жак жаман жолунан башка эч кандай жол жок* (Жантөшев). *Тушамдагы кептеш эки тарабы абдан кууш* (Жантөшев).

КЕПТЕШ II *этиш.* Сүйлөшүү.

КЕПТЕШТИР кептеш этишинин аркылуу мамилеси.

КЕПТЕШҮҮ кептеш этишинин кыймыл атоочу.

КЕПТӨӨР *зат.* Тамак оорусунун бир түрү. *«КДС» вакцинасы көк жөтөлдөн, кептөөрдөн сактайт* («Ден соолук»).

КЕПТҮҮ *сын.* Жарашыктуу, чак, жакшы, келишимдүү, сымбаттуу (жакшы тигилген кийим жөнүндө). *Жумушчулар.. кооз., бышык жана кептүү бут кийимдер иштеп чыгарууга милдеттеништн* (Сасыкбаев).

КЕПШЕ *этиш.* 1. Жуткан чөбүн кайра кулгуп чайноо. *Желедеги уйлар кулгуп кепшеп көздөрүн сүзөт* (Жантөшев). *Матоодогу төөлөр кепшеп жатышат* (Жантөшев).

2. *өт.* Обу жок сүйлөө, маңызданып көп сүйлөө. *Эмнени айтып кепшеп отурасың* (Турусбеков).

КЕПШЕТ кепше этишинин аркылуу мамилеси.

КЕПШИР кепшир менен бирдей.

КЕПШӨӨ кепше этишинин кыймыл атоочу.

КЕР I *сын.* 1. Кичине күрөңүрөөк келген түс (жылкынын түсү). *Минген аты кер кашка* (Жантөшев). *Кер ат. Кер кунан.*

2. Агыш, буурул. *Кыл муртум кер басты* (Осмонкул).

◆ **Кер мурут** — жаңы өсүп жетилген мурут. *Көөнүмө түшөт кечээги Кер мурут жаштык күндөрүм* (Осмонкул)... *Чарчы бойлуу кер мурут жигит* (Бөкөнбаев). **Кер сары** — убайымдан, оорудан азып, саргыч тарткан, кубарган өң. *Кер сары болуп саргайып, Бул кыздын кейиген ичте муңу бар* (Үсөнбаев).

КЕР II кери менен бирдей.

◆ **Кер аяк** *к.* **аяк I. Кер ооз** — тескери сүйлөгөн тетири сөздүү. **Кер-мур айтышуу** — каяша айтышуу, жаакташуу. *Активдер менен кер-мур айтышуу Белекке жат* (Жантөшев). **Кер какшык** *к.* **какшык. Кер тартуу** *же* **кежигеси кер тартуу** — кежирленүү, кыйыктануу. *Кейүү бар, кер тартуу жок* (макал). *Аял.. кежигесин кер тартып, араңдан зорго козголду* (Баялинов).

КЕР III керең менен бирдей.

КЕР IV *этиш.* Чоё тартуу, созуу, чоюу. *Суунун тигил өйүзүнө да, бул өйүзүнө да мамы орнотуп, сым аркан кердик* (Сасыкбаев).

КЕРАМИКА *зат.* 1. Карапа өндүрүшү, карапа искусствосу.

2. Карапа буюмдары.

КЕРБЕЗ *сын.* Чычайган, кекейген, көйрөң. *Кесирлүү кербез эринет, Эч болбосо жан бакпай, Эмнесине керилет* (Тоголок Молдо). — *Кербез картаң [Омор].. мурутгарын жаныпжаныпкойду* (Сыдыкбеков).

КЕРБЕЗДЕН *этиш.* Көтөрүлүү, кекейүү, чычаюу, көйрөңдөнүү. *Кербезденип отурган.. мерген саал кызара түштү* (Сыдыкбеков).

КЕРБЕЗДЕНТ кербезден этишинин аркылуу мамилеси.

КЕРБЕЗДЕНҮҮ кербезден этишинин кыймыл атоочу.

КЕРБЕЗДИК *зат.* Көтөрүлгөндүк, менменсингендик, көйрөңдүк. *Сендеги жаман бир адат, — деди Савельев,— ..кербездик* (Сасыкбаев). *Ой кайран жигит кербездигинен өлүп кетти* (Аалы).

КЕРБЕЗДҮҮ *сын.* Көтөрүлгөн, кекейген, чычайган, менменсинген, көйрөң мүнөздүү.

КЕРБЕН *зат.* Узак жол тартуучу жүктүү унаалардын (көбүнчө төөлөрдүн) тобу. *Алар жүк.. алып кайта кетип бараткан кербенчилердин кербендерин көрүшөт* (Убукеев).

◆ **Кербен башы** — кербенди башкарып жүргөн адам. **Кербен сарай** — жүргүнчүлөр, кербенчилер токтоочу жай. *Адатынча бул кербен сарайда бүгүн да жүргүнчүлөр көп экен* (Абдукаримов).

КЕРБЕНЧИ *зат.* Соода иши менен кербенге кошулуп жүргөн киши, соодагер. *Мергенчинин үйүнүн жанына кой айдаган кербенчилер келип конот* (Тоголок Молдо).

КЕРДЕН *зат.* Фарфордон, чоподон жасалган чоң чыны, кесе. *Аларга керден чыны мелт-калт кымыз сунулат* (Бейшеналиев).

КЕРЕБЕТ кровать менен бирдей.

КЕРЕГЕ *зат.* 1. Төрт чарчы көздөрү бар, сыртынан чий, кийиз каланып, үстүнкү кырына ууктарды бекитүү үчүн жасалган боз үйдүн каптал жыгачтары. *Чоко мылтыгын керегенин башына кыстарды* (Жантөшев).

2. Тамдын же башка курулуштардын капталы, дубалы. *Сулуктү шахталарынын керегелеринде: «Өлкө үчүн көп көмүр берелик!»— деген плакаттар илинип турат* (Сасыкбаев). *Керегеси сокмо.. боз там* (Сыдыкбеков).

◆ **Кызыл кереге кылуу** *же* **кызыл кереге кылып талоо** — басып алган жерин эч нерсесин койбой алуу. *Акарат кылышса, өздөрүн жүндөй сабап, айлын кызыл кереге кылып талап келгиле* [*деди*] (Аалы).

КЕРЕК *зат.* 1. Зарылдык, муктаж; талап; пайда. *Керек болсо, терек жыгылат* (макал). *Окуу ар бир адамга керек* (Сыдыкбеков). *Элдин керек кылуусу өскөндөн өсүп бара жатат. Жумуртка чайкап куш кылган журтуңа тийсин керегиң* (Бөкөнбаев). *Кереги тиет — ташып ал, Калбасын саман кырманда* (Үмөталиев).

2. Тийиш, зарыл. *Келиши керек. Барышы керек.*

◆ **Керек-жарак** — тиричиликте керектелүүчү, керек болуучу ар кандай нерселер. *Эң акыркы керек-жарактарын кечээ алып келишти* (Жантөшев). **Керек-жарак кылуу** — калктын ар түрдүү керектөөлөрүн камсыз кылуучу мекеме.

КЕРЕКСИЗ *сын.* Кереги жок, жараксыз, пайдасыз.

КЕРЕКТЕ *этиш.* Керегине жаратуу, пайдалануу, керек кылуу.

КЕРЕКТӨӨ керекте этишинин кыймыл атоочу.

КЕРЕКТӨӨЧҮ *зат.* Керек кылуучу, керегине жаратуучу, бир нерсеге муктаж адам.

КЕРЕКТҮҮ *сын.* Кереги бар, зарылдыгы бар, пайдалуу. *Керектүү таштын оордугу жок* (макал).

КЕРЕМЕТ *зат.* Касиеттүү көрүнүш, таң каларлык окуя, укмуш касиет. *Чапкан кылыч кеспеген Керемети дагы бар («Манас»). Бардык керемети ушул шакекте* (Жантөшев).

КЕРЕМЕТТЕН *этиш.* **Керемети бардай көрүнүү, кереметтүү сыяктанып сезилүү.**

КЕРЕМЕТТЕНТ кереметтен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕРЕМЕТТЕНҮҮ кереметтен этишинин кыймыл атоочу.

КЕРЕМЕТТҮҮ *сын.* 1. Сыйкырдуу, касиеттүү. *Кереметтүү чалбы деп, Таңданба, балам, сөзүмө* (Жантөшев).

2. *өт.* Сонун, мыкты, жакшы, укмуштуу. *Мына ушундай кереметтүү жерде жан сергитип жаттык* (Каралаев). *Агайынын келечекти элестеткен кереметтүү сөздөрүнө шердене түшкөн үчөө хор айткандай жарыша унчугушту* (Бейшеналиев).

КЕРЕҢ *сын.* Дүлөй, кер, кулагы катуу. *Кулагы кереҥ.*

КЕРЕСИН *туурасы:* **керосин.**

КЕРЖЕЙ *этиш.* Кекейүү; кыйыктануу, кежирленүү; көтөрүлүү, менменсинүү. *Кержейип жумуш кылчу эмес Кекиртектен курчанып* (Токтогул).

КЕРЖЕЙҮҮ кержей этишинин кыймыл атоочу.

КЕРЖЕҢДЕ *этиш.* 1. Кейкеңдөө, мойнун кейкеңдетүү.

2. Кекейүү, кыйыктануу, кежирленүү. *Кээ бирлери кержеңдеп, Айтса, такыр тил албайт* («Эр Төштүк»).

КЕРЖЕҢДӨӨ кержеңде этишинин кыймыл атоочу.

КЕРИ I керүү I менен бирдей.

КЕРИ II *сын.* Тескери, тетири, оң эмес. *Аялдар Сонун атын кери терген, Айтылган Күлбөс делип ошол бойдон* (Осмонов). *Байкабай , сезбей каласың, Атыңа кери мингизет* (Осмонов).

◆ **Кериге тартуу** — артка тартуу, кийиндетүү, илгерилетпөө, кечиктирүү, иленсалаң кылуу. [*Берди*] *Каныбектердин ишин кериге тартып, Карабекти үч ирет өлүмдөн куткарды* (Жантөшев). **Кери кетүү** — артка кетүү, начарлоо, бузулуу, ойрондолуу. *Кериге ишти кетирип Уулантпасын жүрөктү* (Жантөшев).

КЕРИСИНЧЕ *такт.* Тетирисинче, тескерисинче.

КЕРИК *зат.* Тумшугунда бир же эки мүйүзү бар, чөп оттоп, сүт эмүүчү жапайы ири жаныбар, носорог. *Кериги бар, пили бар, Качыры бар, төөсү бар* («Манас»).

КЕРИЛ I. кер этишинин туюк мамилеси.

2. *өт.* Чиренүү, менменсинүү, бой көтөрүү, көтөрүлүү, кербезденүү. *Өз колуңда жок болсо, Кооз кийип керилбе. Оокат үчүн калчыдан, Иштегенден эринбе* (Осмонкул). *Өзүнөн өзү керилет, Иш кылгандан эринет* (Тоголок Молдо).

КЕРИЛҮҮ керил этишинин кыймыл атоочу.

КЕРИМСЕЛ *зат.* Ысык жел. *Саратан сайрайт, күн кайнайт, Керимсел толкуп жел айдайт* (Бөкөнбаев). *Керимселдин кесепетинен тоонун чөбү да жок* (Абдукаримов).

КЕРИМСЕЛДҮҮ *сын.* Ысык желдүү. *Кеч күздүн керимселдүү ызгаарынан тыштар жылаңач калган* (Жантөшев).

КЕРКИ *зат.* Балтадан кичине, бирок балтага караганда мизи туурасынан (жалпагынан) келтирилип сапталган, жыгач чабуу, кертүү үчүн колдонула турган курал.

◆ **Аштама керки** — сабы желке жагынан керкинин боюн көздөй шыкалып аштalган керки. **Чот керки** — сабы кетмендикиндей (тегерек көзөнөккө жумуру сапты аштап саптала турган) керки. **Керкисинде да бар, кемигинде да бар** *к.* **кемик.**

КЕРМЕ *зат.* Мал байлоо же бир нерсе жаюу үчүн тартылган, керилген аркан, жип. *Акжал жерди чапчып, ооздугун чайнап кермеде турат* (Жантөшев). *Жийдегүл кирди.. кермеге жайып таштады* (Сасыкбаев).

◆ **Керме тоо** — кырка тартып чубашып кеткен тоо.

КЕРМЕК *сын.* 1. Ачуу, кычкыл (даам жөнүндө). *Кермек даам.*

2. *өт.* Кыйын, оор, жаман, жагымсыз. *Иш жайы биздер үчүн кермек болду* (Аалы). *Турмуштун кайда болсо салты го дейм, Бир кезде таттуу болмок, бирде кермек* (Аалы).

КЕРНЕЙ *зат.* 1. Түтүндү сыртка чыгаруу үчүн металлдан жасалган труба. *Пароход.. кернейинен кара кочкул түтүндү бурк-бурк үйлөтүп пристандан козголду* (Сыдыкбеков).

2. *муз.* Ооз менен үйлөп тарта турган музыкалык аспап. *Керней тартып бапылдап, Сурнай үнү такылдап* («Манас»). *Тыштан сурнай-кернейдин үнү угулат* (Бөкөнбаев).

КЕРОГАЗ *зат.* Керосиндин буусу (пары) күйө турган дабышы жок примустун бир түрү. *Керогазды күйгүзүп, чай койду* («Ала-Тоо»).

КЕРОСИН *зат.* Нефтиден бөлүп чыгарылган күйүүчү суюк зат. *Керосин менен отунга караганда газ.. арзан* («Коммунист»).

КЕРОСИНКА *зат.* Керосин жагып тамак бышырылуучу биликтүү прибордун бир түрү. *Бензин күюлган керосинканы жандырдык* (Баялинов).

КЕРТ I: керт башы — кара башы, өз башы, жеке башы. *Чыгаша болсо, керт башыбыз менен жоопберишели* (Жантөшев).

КЕРТ II *этиш.* 1. Кыркуу, кесүү, кыя чабуу; тууроо. [*Турпан талдын*].. *бутагын кертип.. арыктын жээгине сайып койсоң.. көктөй берет* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кесе, кыска, так, даана. *Кертекерте сүйлө.*

3. Кырка тиштөө. *Чөп башын кертпей, ылаалап, Жылкылар турат сайроодо* (Маликов).

КЕРТИЛ керт этишинин туюк мамилеси.

КЕРТИШ керт этишинин кош мамилеси.

КЕРТМЕК *зат.* Бир нерсени байлаганда токтомдуу болсун үчүн казыктын баш жагынын тегерете же жарым-жартылай муунак болуп кертилген жери.

КЕРТТИР керт этишинин аркылуу мамилеси.

КЕРТҮҮ керт этишинин кыймыл атоочу.

КЕРҮҮ I *зат.* Тоонун жапыз бети, түзөң. *Айылдын алдындагы ак кардуу түзөң керүүгө тамаша курулган* (Жантөшев).

КЕРҮҮ II кер этишинин кыймыл атоочу.

КЕРЧӨӨ *зат.* Кой сойгондо төштүн сыртынан териси менен кошо кесилип алынган майлуу эт. [*Куржундун*].. *экинчи көзүнөн кургаткан керчөө, сүрсүткөн эт чыкты* (Жантөшев).

КЕРЭЭЗ *зат.* 1. Өлөрдүн алдында айтылган осуят, акыл-насаат. «*Эми өлүп кетем*» — *деп Керээзин айтып турду эми* («Эр Төштүк»).

2. *ат.* Мурас. *Келсем да тирүү көрбөдүм Керээзим жалгыз баламды* (Токтогул).

КЕРЭЭЛИ: керээли кечке — күнү бою эртеден кечке чейин.

КЕС I *этиш.* 1. Бир нерсени кыюу, тилүү, кыркуу. *Отуз өлчөп, бир кес* (макал).

◆ **Кесе айтуу** *же* **кесе сүйлөө** — ток этер жерин айтуу, кыскасын айтуу, анык-тын айтуу. *Алымкул* [*сөздү*] *кесе айтты* (Абдукаримов). *Ал ушундай кылууга аракет кылалы деп кесе айта албады* (Убукеев). **Кулак-мурун кескендей** — жымжырт, тынч. *Теребел кулак-мурун кескендей жымжырт эле* (Сыдыкбеков). **Көкөйүн кесүү** — көңүлгө, жүрөккө тийүү, көңүлүн калтыруу, көкөйүнө тийүү, жанга батуу. *Жокчулук көкөйүмдү кескен* (Барпы). *Көк шорпо менен кара нан Көкөйүн кести адамдын* (Бөкөнбаев).

КЕС II *этиш. юр.* Күпөөлүү адамга сот тараптан өкүм чыгаруу, белгилүү мөөнөткө эркинен ажыратуу. *Уруруну беш жыл кести.*

КЕСЕ *зат.* 1. Тамак ичүүгө арналган чоң чыны. *Шамбеттин колунда кесе толо кымыз мелт-калт этет* (Сыдыкбеков).

2. *диал.* Чоң чыны жана аны менен ичтеш жыгач чөйчөк, аяк. *Сыр кесе. Жыгач кесе.*

КЕСЕК *зат.* 1. Талкаланган, майдаланган нерсенин чоңураак бөлүгү. *Алмадай кесек калтырбай, Маласын майда тарткан бар* (Акаев). *Ур, талкала, кесектерин кетменде* (Үсөнбаев).

2. Дубал согуу үчүн атайын тоголок-толгон топурак.

3. *өт.* Өңкөй, өңчөй, ылгый. *Кесек митаамдар.*

◆ **Кара кесек** *к.* **кара III.**

КЕСЕЛ *зат.* 1. Оору, дарт, илдет. *Жакшылыгы түк болбойт Жармашкан оору, кеселдин* (Токтогул).

2. Оорулуу, илдеттүү адам. *Доктор келип, кеселдин тамырын кармап. жүрөгүн тыңшап көрдү* (Касымбеков).

КЕСЕЛДЕ этиш. Ооруп калуу, ооруга чалдыгуу. *Кеселдеп калды.*

КЕСЕЛДЕТ кеселде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕСЕЛДӨӨ кеселде этишинин кыймыл атоочу.

КЕСЕЛДҮҮ *сын.* Оорулуу, илдеттүү, дарттуу.

КЕСЕП *зат.* Жегич, алдым-жуттум, ууру, каракчы, хулиган. *Элдин оокатын уурдап бүлдүрөөн кесеп* (Аалы). *Ээн талаа, чөл экен, Каракчы, ууру, кесептер Мекен кылган жер экен* («Сейтек»).

КЕСЕПЕТ *зат.* Кырсык, зыяндуу таасир, каргаша, жоболоң. *Каардуу согуштун кесепети Сүлүктүгө да аябай тийген эле* (Сасыкбаев).

КЕСЕПЕТТҮҮ *сын.* Кесирлүү, кырсыктуу, каргашалуу. *Кесепеттүү манаптан Кедей пайда таппадың* (Тоголок Молдо). *Батып сен ошол кезде кайгы, муңга, Көтөрдүң кесепеттүү азап-дартты* (Үсөнбаев).

КЕСЕР: баш кесер — киши өлтүргүч; киши өлтүрүүдөн да кайра тартпаган, зөөкүр. *Баш кесерлер жоголуп, кубанып жүргөн убагым* (Токтогул). *Жаныңдан үмүтүң болсо, али да кеч эмес.. айт! — дешет баш кесерлер* (Бектенов).

КЕСИЛ кес этишинин туюк мамилеси.

КЕСИМ *зат.* 1. Кесилген бир бөлүк. *Ирина Яшанын алдына чоң кесим нан менен бир стакан сүттү койду* (Жантөшев).

2. *эс.* Чечим, өкүм, бүтүм. *Манаптын боору эзилди, Кедейлер кылды кесимди* (Тоголок Молдо). *Он карадан бир кара Кесими бар дечү эле* (Токтогул). *Кесим кылып кызымды, Билбеймин малга сатууну* (Үсөнбаев).

КЕСИМДҮҮ *сын.* Белгиленген мөөнөттүү кесими бар. *Шоруң катып кесимдүү Айга жүрдүң, кедейлер* (Тоголок Молдо). *Кесимдүү малай.*

КЕСИНДИ *зат.* Кыркылган, кесилген бөлүк. *Кериге чыккан кырчын тал, Кесинди болду таарыган* (Осмонкул). *Клименко араанын кесиндилерин ..ыргытып жиберди* (Сасыкбаев).

КЕСИП *зат.* Адистикти, жөндөмдүүлүктү талап кылуучу белгилүү иш тармагы же белгилүү багыт менен өнүктүрүлүп отурган ишмердүүлүк, профессия. *Мугалимдик кесип. Кол өнөрчүлүк кесиби. Врачтык кесип.*

КЕСИПЧИЛИК *зат.* Кандайдыр бир ишти өзүнө кесип кылып иштегендик. *Мугалимдик кесипчилиги. Эмне кесипчилик кыласың?*

КЕСИР *зат.* Зыян, залал, кырсык, тоскоол, кесепет. *Көтөрүлүп көп сүйлөп, Учураба кесирге* (Токтогул). *Келтирбегин жаныңа Кесири тийчү арамды* (Токтогул). [*Орусбек*].. *берки жакшы иштеген балдарга да кесирин тийгизди* (Сыдыкбеков).

◆ **Ооз кесир** *к.* **ооз. Кең-кесир** *к.* **кең.**

КЕСИРДҮҮ *сын.* 1. Зыяндуу, кырсыктуу, кесепеттүү. *Кесирдүү өлүм жолугуп, Кескен талдай куланып* (Үсөнбаев).

2. Текебердүү, өзүн жогору баалаган, кекирейген. *Бул барып турган кесирдүү киши го дейм* («САЖИ»).

КЕСИРЛЕН *этиш.* Текебердик кылуу, менменсинүү. [*Барпы*].. *чыныны дайыма түбүнөн кармайт да, ичип болгондо кесирленип тегеретип жиберет* (Байтемиров).

КЕСИРЛЕНТ кесирлен этишинин аркылуу мамилеси.

КЕСИРЛЕНҮҮ кесирлен этишинин кыймыл атоочу.

КЕСИРЛҮҮ кесирдүү менен бирдей.

КЕСИШ 1. **кес** этишинин кош мамилеси.

КЕСКЕЛДИРИК *зат.* Анча чоң эмес, төрт буту бар, куйругу узун, денеси майда кабырчыктуу, боору менен жылуучу жаныбар. *Бул жашыл жер чаң ызгыган чөл эле, Кубалашып кескелдирик ойногон* (Аалы).

КЕСКИ *зат.* Шылуун, зулум, абдан митайым.

КЕСКИН *сын.* Кыска, шар, чечкиндүү. *Анын сөзү кескин айтылды.*

КЕСКИЧ *зат.* Бир нерсени, темир же башка металлды кесүү үчүн курч темирден жасалган аспап. *Каныбек менен Капитан балта, балка, кескич алып келүүгө кетишкен* (Жантөшев).

КЕСМЕ *зат.* Камырды жука жайып ичке кылып кесилгени жана ошондон бышырылган тамак. *Табактарга кесме куюлуп, нан стол үстүндө тууралып жатты* (Байтемиров).

КЕСТЕ кеште менен бирдей.

КЕСТИК *зат.* Кичине бычак. *Каранып таба албадым кестигимди* (Үмөталиев).

КЕСҮҮ кес этишинин кыймыл атоочу.

КЕТ *этиш.* 1. Турган же келген жеринен башка бир жакка жөнөө, кайтуу. *Акбар малчыларга кетти* (Убукеев). *Балким [Ормуш] чабындыларды көрүүгө кетсе керек* (Байтемиров). *Күлжан.. конторану көздөй кетип бараткан Яровойду көрдү* (Байтемиров).

2. Чыгуу, арылуу, жоголуу, болбой калуу. *Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет* (макал). *Карчыгадан кан кетип, Ал Көкдөөдөн ал кетип, Катуу оору болду эми* («Эр Төштүк»). *Акийманын айласы кетти* (Жантөшев). *Камка чапанынын кеби кеткен чөнтөгүнө колун салып, ачкычын алды* (Сыдыкбеков). *Мууну кетип калтырап, Кармаган колу карышты* (Жантөшев).

3. Дүйнөдөн кайтуу, көзү өтүү. *Ушул бойдон туяксыз кетсе, кайран неме өрт өчкөндөй болбосун* (Сыдыкбеков).

4. Болуп өтүү, болуп калуу. *Сенден бир балалык иш кетиптир. Ошондо бир билбестик кеткен экен* («Ала-Тоо»).

5. Жумшалуу, сарп кылынуу. *Бул ишти бүтүрүү үчүн көп күч, көп аракет кетти.*

6. Жардамчы этиш катарында колдонулат. *Өтүп кет. Жүрүп кет. Отура кетти. Ала кетти.*

◆ **Келим-кетим** *к.* **келим. Мүрт кетүү** *к.* **мүрт.**

КЕТ II кети менен бирдей.

КЕТЕ *зат.* Эпостордо: баалуу материянын аты. *Келинге кете кийгизди, Керегин журтка тийгизди* («Манас»).

КЕТЕНЧИКТЕ *этиш.* 1. Артка кетүү, артка жылуу, чегинүү. *Атабек кетенчиктеп чыга жөнөдү* (Жантөшев). *[Айгүл].. акырын кетенчиктеп олтуруп эшикке жакындады* (Жантөшев).

2. *өт.* Өксүү, начарлоо, артка кетүү. *Иши оңолбой, улам кетенчиктеп туруп алды.*

КЕТЕНЧИКТЕТ кетенчикте этишинин аркылуу мамилеси.

КЕТЕНЧИКТӨӨ кетенчикте этишинин кыймыл атоочу.

КЕТИ *этиш.* Заттын бир четин сындырып омуруп алуу, майтарып алуу. *Балтаны кетип коюптур. Тишимди кетип алдым. Кантты кетип же.*

КЕТИК *сын.* Бир жери сынып же кетилип калган. *Чети кетик чыны. Мизи кетик бычак. Тишим кетик болсо да, көңүлүм тетик* (макал).

КЕТИЛ кети этишинин туюк мамилеси.

КЕТИР кет этишинин аркылуу мамилеси.

КЕТИРЕЙ *этиш.* Мурду чолок, кайкыраак келүү.

КЕТИРЕКЕЙ *сын.* Мурду кыска, кетирейген. *Аркы олтурган кетирекей жапалдаш кара.. Зубайданын күйөөсү* (Убукеев). *Тиги .. күлгөн.. Акия кетирекей дегенибиз болот* (Сыдыкбеков).

КЕТИШ *этиш.* Мамилеси, ынтымагы бузулуу, араздашуу, ажырашуу. *Эки коңшу кетишип калды. Агайын-туган кишилер кетише албайт.*

КЕТМЕН *зат.* Жер казуу, арык чабуу ж. б. иштерге колдонулуучу эмгек куралы. *Балдар кетмен, күрөктөрүн көтөрүп, короодон чуркап чыгышты* (Баялинов).

◆ **Буттун кетмени** — буттун башы, жалпак жана жазы келген бөлүгү. *Түгөл].. сол бутунун кетменин көрсөтпөй кокуйлай баштады* (Бейшеналиев).

КЕТМЕНДЕ *этиш.* Кетмен чабуу, казуу, иштөө. *Кара жерди биз быйыл Кетменде жатып өөлү* («Манас»).

КЕТМЕНДЕТ кетменде этишинин аркылуу мамилеси.

КЕТМЕНДӨӨ кетменде этишинин кыймыл атоочу.

КЕТМЕНЧИ *зат.* 1. Кетмен менен иштөөчү, дыйкан. *Салкынга эргий түшкөн кетменчи жигиттер ансайын.. күүлөнүшөт* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кедей дыйкан. *Али эсимде, жыйырма эки жыл илгери Ушул колхоз кетменчиден куралган* (Маликов).

КЕТТЕ *сын. диал.* Чоң, зор.

КЕТҮҮ кет этишинин кыймыл атоочу.

КЕФИР *зат.* Айрандын өзгөчө (көбүнчө бутылкага) уютулган түрү.

КЕЧ I *зат.* 1. Күн батып, караңгы түшкөн мезгил. *Кеч кирди, конбогондор кайтышты* (Аалы). *[Мукай].. кечте үйгө келер деген ой менен [Абаз].. чыдамсыздыкта күттү* (Байтемиров).

2. Болжолдуу убакыттан өткөн мезгил, үчүр, эртеге карама-каршы. *Жүдөмүш райондон кеч кайтты* (Убукеев). *Эрте туруп, кеч жатып, Эмгек десе талбаган* (Нуркамал).

КЕЧ II *этиш.* Агын суунун (арыктын, өзөндүн, дайранын) экинчи жагына өтүү, чыгуу; суу каптаган же суу токтогон жер менен басуу. *Ашуусу бийик тоо аштым, Агыны катуу суу кечти* («Эр Төштүк»). *Балдар чалпылдатып суу кечип ойношту.*

2. *өт.* Баштан өткөрүү, көрүү. *Көздөн агып мончок жаш Эмнелерди кечпеди* (Турусбеков).

◆ **Кан кечүү** *же* **от кечүү** — согушта, урушта болуу, катышуу. *Кан кечсек өзөз ара болдук жөлөк, Бир гана жеңсек дейбиз, ой жок бөлөк* (Абдыраманов). *От кечип кан майданда болдук эчен* (Турусбеков). **Суу кечпей турган сөз** — маанисиз, жараксыз, тиешеси жок сөз. *Суу кечпей турган сөздү айтып эмне кыласыңар— деди Асанкул* (Убукеев).

КЕЧ III *этиш.* 1. Кыюу; таштап коюу, карабоо. *Мен бирөөдөн кечсем кечем, бир туганымдан кечпейм* («Ала-Тоо»). *Үйжайдан да, бала-чакадан да кечкен кишилер бар* (Абдукаримов). *Сен жаныңдан аша кечкен эмесиңби* (Убукеев). *Малды жакшы бага албайт, Түн уйкудан кечпесе* (Осмонкул).

2. Ичине кек албоо, айып этпөө. *Кечип коёр бекенсиң Кетпес кегиң бар болсо*(«Курманбек»). *Жаңылыпмын бир жолу, Кечип койчу сен муну* (Жантөшев).

КЕЧЕ I *зат.* Көңүл ачуу, салтанат үчүн уюштурулган кечки зоок. *Темир жолчулардын майрамына арнап өздүккөркөм чыгармачылык кечесин уюштурабыз* (Сасыкбаев). *Дем алыш күндөрүнүн алдында кече уюштуруп, балдардын күчүнөн оюн көрсөтөт* (Сыдыкбеков).

КЕЧЕ II *сын.* Тантык, тил билбес, түшүнбөгөн. *Кеченин тилин энеси билет* (макал).

КЕЧЕ III: кечээ менен бирдей.

КЕЧЕГИ *туурасы*: **кечээки.**

КЕЧЕКИ *туурасы*: **кечээки.**

КЕЧИГҮҮ кечик этишинин кыймыл атоочу.

КЕЧИК *этиш.* Белгиленген убакыттан кеч калуу. *Сен болбосоң, эжем жумуштан кечигет эле* («Жаш ленинчи»). *Айганыш кечигип калабыз го..— деп кейип койду* (Сыдыкбеков).

КЕЧИКТИР кечик этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЧИЛ *зат.* Калмактардын монахы.

◆ **Кечил өтүү** — дүйнөдөн так өтүү, бойдок өтүү.

КЕЧИНДЕ *такт.* Күн батарга жакын жана күн баткандан кийинки мезгилде. *Бурулча кечинде уулун ээрчитип алып Мамырдыкына барды* (Байтемиров).

КЕЧИР I *зат.* Далынын аяк жагына тегерете туташкан кемирчек. *Жолум үйдөй чоюн баш* [Сарыбай] *Кармай калып имерди, Как далынын кечирге Кош колдоп тартып жиберди* («Сейтек»).

КЕЧИР II кеч этишинин аркылуу мамилеси.

КЕЧИРИМ *зат.* Кандайдыр бир туура эмес иши, кылыгы, мамилеси үчүн кечирип коюусун сурап өтүнүүчүлүк жана ошондой өтүнүчтү канааттандыруучулук. *Кечирим суроо. Кечирим кылуу.*

КЕЧИРИМДҮҮ *сын.* Анчалык катуу күнөөлүү эмес, кечирип коюуга болорлук. *Кечиримдүү иш. Бул жолку жаңылыштыгы анчалык эмес, кечиримдүү.*

КЕЧИРИМСИЗ *сын.* Күнөөсү, жаңылыштыгы бир кыйла оор, кечирүүгө болбой турган, кечиримдүү эмес. *Кечиримсиз күнөө. Анын бул кылыгы кечиримсиз.*

КЕЧИТ *зат. диал.* Кечүү, кечмелик. *Кечит жактагы дөбөчөдө турган бакдарактуу короолор.. биздики* (Айтматов). *Байдамтал суусу элирген Абайла түндө кечиттен. Алтыным, менде уйку жок, Аз эле келбей кечиксең* (Айтматов).

КЕЧКЕ *такт.* 1. Күн батканча, карангы киргенче. *Кечке күлкүнүн ичинде болгондо кабагы жарык* (Сыдыкбеков). *Кечке жүрдүк. Адыр, белес, дөң бастык* (Аалы).

2. Көпкө чейин, өтө узак, кайта-кайта эле. *Кечке эле сүйлөй бересиңби?*

◆ **Керээли кечке** *к.* **керээли. Кечке маал** *же* **кечке жуук** — күн батарга жакын, кечке жакын, кечкурун. *Акбар кечке жуук үйгө келди* (Убукеев). *Кечке маал кар аралаш катуу суук күчөдү* (Сасыкбаев).

КЕЧКИ *такт.* Күн кеч болгондогу, кеч киргендеги. *Кечки заседание. Кечки шамал. Кечки саат сегиз.*

КЕЧКИСИН *такт.* Кечинде, кечкурун. *Кечкисин курбу чалдары менен аңгемелешип отурууну жакшы көрө турган. Кечкисин клубда болду.*

КЕЧКУРУН *такт.* Кечинде, кечкисин, күн батканда кийин. *Керимкул.. кечкурун айылга түштү* («Ала-Тоо»). *Арабакетер кечкурун Лаңгардан өтүштү* (Жантөшев).

КЕЧМЕК кечмелик менен бирдей.

КЕЧМЕЛИК *зат.* Суунун экинчи жагына, өйүзүнө кечип өтүүчү жери, кечүү. *Бул суу азыр кире элек.. киргенде.. тетиги кечмеликти көрдуңузбу? Ал жерден төө кечип да өтө албай калат* (Байтемиров). *Кечмеликтен кечирди* («Эр Төштүк»).

КЕЧӨӨ *туурасы*: **кечээ.**

КЕЧҮҮ I кечмелик менен бирдей.

КЕЧҮҮ II кеч этиштеринин кыймыл атоочу.

КЕЧЭЭ *такт.* 1. Бүгүнкү күндөн бир күн мурун, өткөн күн. *Кечээ мен Михаилдин өзүнөн кат алдым* (Сыдыкбеков).

2. Мурда, илгери, өткөн күндө, мурун. *Кечээ көчмөн айылым, Кыштакташып жаңырган* (Бөкөнбаев).

КЕЧЭЭГИ кечээки менен бирдей.

КЕЧЭЭКИ *такт.* Кечээ күнкү, өткөн күнкү.

КЕЧЭЭТЕН *такт.* Кечээги күндөн. *Кечээтен бери. Алым кечээтен бери сабакка келбей калды* («Жаш ленинчи»).

КЕШИК *зат.* 1. Бирөөнүн жегенинен калган, арткан тамак. *Узун күн кылып кызматын, Кешигин байдын жээр элең* (Бөкөнбаев). *..Кешик жыгач табакта турат* (Байтемиров). *Өзү тойбогон кайнага кимге кешик арттырат* (макал).

2. Келиндин туугандары (көбүнчө аялдар) алып келген бышылуу тамак-аш.

3. *өт.* Бакты, таалай, ырыс. *Качкак жоону куткарган, Күлчоро, менде кешик жок* («Семетей»). *Мына ынтымактуу эмгек, Мына ырыс-кешик* («САЖИ»). *Кешиги*

жок жалкоону колхозубуз жек көрөт (Осмонкул).

КЕШИКТҮҮ *сын.* 1. Кешиги бар, кешиги менен.

2. *өт.* Бактылуу, таалайлуу, ырыстуу. *Бак-таалайлуу, ырыс-кешиктүү, балачакалуу болушсун* (Бейшеналиев).

КЕШПИР *зат.* Кейип, кебете, жалпы көрүнүш, түспөл. *Келгендердин кебете-кешпирине караганда социалисттик жарыштын жыйынтыгын текшергени келишкен делегация деп да ойлоого болот* («Чалкан»).

КЕШТЕ *зат.* Бир нерсеге сайылган, сайма, саймаланган оймо-чийме. *Кештелери жакшы жасалган, муну мага өкүл энем сайып берген.*

КЕШТЕЛЕ *этиш.* Бир нерсеге сайма сайуу, саймалоо. [*Кулу калпа*].. *кештелеген ак жоолугу менен бүйрө курчанган* (Жантөшев).

КЕШТЕЛЕН кештеле этишинин өздүк мамилеси.

КЕШТЕЛЕТ кештеле этишинин аркылуу мамилеси.

КЕШТЕЛӨӨ кештеле этишинин кыймыл атоочу.

КЕШТЕЛҮҮ *сын.* Саймалуу, оймо-чиймелүү, саймалап кооздолгон. *Кештелүү калпак* (Бөкөнбаев). ..*Жигит.. кештелүү көк ала шайы жоолугуна колун сүртүнүп, чай ичүүгө камынды* (Жантөшев).

КИБИҢДЕ *этиш.* 1. Көздү жүлжүйтө бат-бат ачып жумуу, кыбыңдоо.

2. *өт.* Жалтактоо, тике карай албай жалтактап туруу. *Биз унчуксак ачууланган үч менен, Күнөөлүүдөй жаздым карап кибиңдейт* (Аалы).

КИБИҢДЕТ кибиңде этишинин аркылуу мамилеси.

КИБИҢДӨӨ кибиңде этишинин кыймыл атоочу.

КИБИР *сын.* 1. Майда, кичине. *Зергерчиликтен талап кыла турган кибир иштерди кылдаттык менен орундатам* (Абдукаримов). *Кибир жандыктар.*

2. Кыймылы жай, кашаң, кыбыр.

КИБИРЕ *этиш.* Кибир акырын кыймылдоо, кыбыр көрүнүштө болуу. *Кызым кибирей эле баса албайт* («Чалкан»).

КИБИРЕТ кибире этишинин аркылуу мамилеси.

КИБИРӨӨ кибире этишинин кыймыл атоочу.

КИДИГИЙ *сын.* Бою абдан кыска, кип-кичине. *Балким ата-энеден эрте ажырап, жетимдиктин саатынан кидигий болуп калган чыгар* (Бейшеналиев).

КИДИЙ *этиш.* Кидигий, кипкичинекей көрүнүштө болуу.

КИДИК кидигий менен бирдей.

КИДИҢ: кидин-кидиң *туур.* Кичине адамдын кыймылын билдирүү үчүн колдонулат. *Кидиң-кидиң жүгүрүү. Кидиң-кидиң этүү.*

КИДИҢДЕ *этиш.* Кидиң-кидиң этип, тепеңдеп, тыпылдап кыймылдоо, басуу.

КИДИҢДЕТ кидиңде этишинин аркылуу мамилеси.

КИДИҢДӨӨ кидиңде этишинин кыймыл атоочу.

КИЙ *этиш.* Кийимди үстүнө, ийнине салуу, кийимчен болуу. *Үстүнө кийген кийими таза* (Сыдыкбеков). *Бирөөнүн тону жакшы деп, Кийбегиле, балдар-ай* (Барпы).

КИЙГИЗ кий этишинин аркылуу мамилеси.

КИЙИЗ *зат.* Жүндөн басып жасалган көбүнчө боз үйдүн жабдуулары катарында, алдыга салуу үчүн ж. б. максаттарда колдонулуучу материал. *Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку* (макал). *Кийизин аппак бордоткон, Кылымын артык оңдоткон* (Тоголок Молдо).

◆ **Ала кийиз** — түр салынып жасалган кийиз. *Тактанын үстүндө мелтиреген жук, анда турдуу түстөгү жууркандар, ала кийиздер* (Байтемиров). **Өрө кийиз**— түр салынбай, бир түстө жасалган кийиз. *Үйүндө өрө кийизден башка.. түзүгүрөөк жууркан-төшөктөр болуп көргөн эмес* (Аалы). **Туш кийиз** — үйдүн түшуна (керегеге, тамдын дубалына) тартуу үчүн оюу түшүрүлүп же саймаланып кооздолгон буюм. [*Үйдүн*].. *ичи толгон шайы жууркан, туш кийиз, килем* (Жантөшев). **Түр кийиз** — шырдак.

КИЙИК *зат.* Элик, аркар, кулжа, бугу, бөкөн, эчки сыяктуу жапайы аңдардын жалпы аты. *Айдаган малдай жайылат Аркар, кулжа, кийиги* (Токтогул). *Буюкан тоо кийиктер.. бөксөгө ылымтага карай ыкташтыт* (Аалы).

◆ **Киши кийик** — жомоктордо учуроочу жапайы адам. *Киши кийик, тоо кийик Адырында көп экен* («Манас»).

КИЙИКЧЫ *зат. сүйл.* Кийик уулап, аңчылык кылган адам. *Кийикчи Асан тоодон олжолуу кайтты. Кийикчилер үч теке атып келишти.*

КИЙИЛ кий этишинин туюк мамилеси.

КИЙИМ *зат.* Адам кийүү үчүн тигилген ар кандай нерселердин (тон, чепкен, көйнөк, өтүк ж. б.) жалпы аты. *Ич кийим. Сырт кийим. Бут кийим. Кайын энеси Ажар менен Сакадайга бир сыйра кийим жасаган* (Жантөшев).

◆ **Кийим-кече** *же* **кийим-кечек** — жалпы эле кийим.

КИЙИМДҮҮ *сын.* Үстүндө кийими бар, кийимчен, кийими көп, кийим-кечелүү. *Чоң селделүү, салбыраган кийимдүү, ирең суук Берик* [*үйгө*] *кирет* (Бөкөнбаев). *Асанбек оокат-аштуу, кийимдүү болуп оңолуп калды.*

КИЙИМЧЕН *такт.* Кийими менен, кийими бойдон. *Ушул адам ушул сырдуу кийимчен Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы* (Осмонов).

КИЙИН I кий этишинин өздүк мамилеси.

КИЙИН II *такт.* Артка, артта, соңунда. *Айбыгып кийин калган жок, Ала-Тоонун балдары* (Маликов). *Силер кичине кийин болгулачы* (Жантөшев).

КИЙИН III *жанд.* Соң, артында, бир аз же бир топ убакыт өткөндө. *Кебек карыя менен коштошкондон кийин Андрей үйү-*

нө чейин ойлонуп барды (Байтемиров). *Чынар кийин качыптыр деп уктук* (Сыдыкбеков).

◆ **Алды-кийинин карабоо** — эч нерсеге карабоо, алды-артына карабоо. *Алды-кийинин карабай Аябай каргап таштады* («Семетей»).

КИЙИНДЕ *этиш.* Кетенчиктөө, артка жылуу, артта калуу, илгерилебөө. *Пешкамды артка тартып, өзүм да кийиндеп олтурдум* («Чалкан»).

КИЙИНДЕТ кийинде этишинин аркылуу мамилеси.

КИЙИНДИР кийинт менен бирдей.

КИЙИНДӨӨ кийинде этишинин кыймыл атоочу.

КИЙИНКИ *такт.* Акыркы, соңку, арткы. *Сулуктуу кени кийинки беш жылдыктардын ичинде канчалык өстү* (Сасыкбаев). *Тунумдан кийинки—Тургунбек* (Токобаев).

КИЙИНТ кийин этишинин аркылуу мамилеси.

КИЙИНҮҮ кийин этишинин кыймыл атоочу.

КИЙИР кир этишинин аркылуу мамилеси.

КИЙИТ *зат.* 1. Кийим-кечелей берилген белек.

2. Кыз берип, келин алганда кудалардын бири-бирине кийгизген кийим-кечеси, буюм түрүндө берген ар кандай белектери. *Кийитим деп берди эле Сегиз илбирс, бир жолборс, Алты ауунун терисин* (Жантөшев).

КИЙИЛИГИШ *этиш.* 1. Аралашуу, катышуу, кошулуу. *Экинчи мындай ишке кийилигишпей жүрүңүз* (Жантөшев). *Жамал да сөзгө кийилигише кетти* (Жантөшев).

2. Жардамдашуу, каралашуу, боор тартуу. *Киши турган айбан да Кийилигишет балага* (Үмөталиев). *Кишинин жолун тосуучу, Кийилигишер кол барбы?* («Эр Табылды»).

КИЙИЛИГИШТИР кийилигиш этишинин аркылуу мамилеси.

КИЙИЛИГИШҮҮ кийилигиш этишинин кыймыл атоочу.

КИЙИЛИК кийилигиш менен бирдей.

КИЙМЕ: кийме элечек *к.* **элечек.**

КИЙҮҮ кий этишинин кыймыл атоочу.

КИЛЕЙ *этиш.* Чоң, зор көрүнүү. *Балдар адегенде.. маңырая карап турушту да, анан тиги килейген комбайнды курчоого алышты* (Бейшеналиев). *Аял үйгө кире бергенде килейген дөбөт аны балтырлап токтотту* (Аалы).

КИЛЕКТЕ *этиш.* Килеңдөө, килтеңдөө, килек-килек этүү, жоон, чоң болуп көрүнүү.

КИЛЕМ *зат.* Түр салып кооздоп токулган, бир жак бети түктүү, үйдүн тушуна, полуна же башка нерселердин үстүнө жабуу үчүн колдонулуучу буюм. [*Үйдүн*].. *ичи толгон шайы жууркан, туш кийиз, килем* (Жантөшев). *Төр жакта, тушуна.. килем тартылган* (Бейшеналиев).

◆ **Калы килем** — жогорку сапаттагы жүндөн токулган кымбат баалуу килем. *Көчкөндө калы килем жаптырып* («Манас»).

КИЛЕМЧЕ *зат.* Кичирээк килем. *Акман.. тебетейин алып, килемче жабылган чоң сандыктын үстүнө койду* (Сыдыкбеков).

КИЛЕҢ килең-килең *туур.* Эткел көрүнүштү жана ошондой көрүнүштөгү кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат. *Килең-килең жүгүрүү Килең-килең этүү.*

КИЛЕҢДЕ *этиш.* Килеңдөө, килеңкилең этүү, жоон, чоң болуп көрүнүү. *Кирпичечен, кашкулак Келе жатат килеңдеп* («Манас»).

КИЛИТ *зат.* 1. *диал.* Ачкыч. [Бүбүш].. там түбүндөгү ташты оодарып, килитин тапты да, эшикти ачты («Ала-Тоо»).

2. Куржундун оозундагы бири-бирине илиштирип бекитүү үчүн жасалган илмектери. *Тункатар куржундун килитин чыгара берди..* (Жантөшев). *Сыяда.. куржундун килитин чечип жатыптыр* (Бейшеналиев).

КИЛК: килк-килк этүү — коюу айран, кисель ж. б. былкылдап килкилдеген абалда болуу.

КИЛКИЛДЕ *этиш.* Коюу айран, кисель, семиз эт ж. б. былкылдап титиреген абалда болуу. *Килкилдеген жаш козунун эти.*

КИЛКИЛДЕК *сын.* Килк-килк этип турган, килкилдеген. *..Муздак килкилдек айран.*

КИЛКИЛДЕТ килкилде этишинин аркылуу мамилеси.

КИЛКИЛДӨӨ килкилде этишинин кыймыл атоочу.

КИЛО килограмм менен бирдей. *Ар бир коюн кыркканда Төрт жарым кило жүн алган* (Осмонкул).

КИЛОВАТТ *зат.* Кубаты 1000 ваттка барабар болгон электр тогунун бирдиги.

КИЛОГРАММ *зат.* 1000 граммга барабар болгон оордук өлчөмү. *Быйыл ар бир уюбуз орто эсеп менен үч жүз килограммдан сүт берген экен* (Убукеев).

КИЛОМЕТР *зат.* 1000 метрге барабар болгон узундук чени. *Саатына жүз алтымыш километр тездикте бара жатабыз* (Бөкөнбаев).

КИЛТЕҢДЕ килтиңде менен бирдей.

КИЛТИЛДЕ килкилде менен бирдей.

КИЛТИҢДЕ *этиш.* Чоң жана семиз болуу, күлтүңдөө, килеңдөө.

КИМ *ат.* Адамдарга берилүүчү сурама ат атооч. — *Айтыңыз, фамилияңыз ким?* (Жантөшев). — *Ата, ысмыңыз ким?* (Жантөшев).

◆ **Ар ким** *к.* **ар. Алда ким** *к.* **алда. Эч ким** *к.* **эч.**

КИНДИК *зат.* 1. Адамдын жана жаныбарлардын жатынындагы бала түйүлдүгү менен эненин денесин бириктирип туруучу, аны азыктандыруу үчүн кызмат кылуучу курсактын орто бөлүгүндөгү трубка, туулгандан кийин ошол трубканын курсактын орто бөлүгүндө сакталган калдыгы, орду. *Баланын киндигин сен кескин, кагылайын* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Негизи, түбү, борбору. *Киндиги*

бир карттык менен өлүмдүн, Сен аларга Геркулестей көрүнгүн (Аалы).

◆ **Киндик эне** — төрөлгөн баланын киндигин кескен аял. **Киндик ата** — киндик кескен аялдын күйөөсү. *Сенин киндик атаң Бөлөкбай* («Манас»). *Менин уулумдун киндик атасы Сергей* («Ала-Тоо»). **Киндик кесип, кир жууган жер** *же* **киндик каны тамган жер** — туулуп өскөн жер, эл-журт. *Киндик кесип, кир жууган Артта калды жерибиз* (Қаралаев). **Мал киндиги катканда** — туут мезгили өткөн, бүткөн учурда. *Мал киндиги катканда, Магдырап көчмөн жатканда* (Тоголок Молдо).

КИНДИКТЕШ *зат.* 1. Боордош, тууган. 2. *өт.* Негизи, түбү бир. *Фашизм менен согуш киндиктеш* («Советтик Қыргызстан»).

КИНЕ күнөө менен бирдей. [*Қыдырбай*] *Батийнага кине коё албайт* (Сыдыкбеков). *Ушул сөздү сонун айттың, Бириңде да кине жок* (Аялы).

КИНЕЛЕ күнөөлө менен бирдей.

КИНЕМАТОГРАФ *зат.* 1. Экранда кыймылда болгон көрүнүштү алуу үчүн, ошондой эле кыймылда болгон объектилерди жарыкты сезгич плёнкага түшүрүп алуу үчүн колдонулуучу аппарат. 2. **киноискусство** менен бирдей.

КИНЕМАТОГРАФИСТ *зат.* Кинематографияда иштөөчү адам.

КИНЕМАТОГРАФИЯ *зат.* 1. **киноискусство** менен бирдей. 2. Кинофильмдерди чыгарууну жана аны элге көрсөтүүнү ишке ашыруучу маданияттын жана эл чарбасынын бир тармагы.

КИНЕМАТОГРАФИЯЛЫК *сын.* Кинематографга таандык, кинематографияга таандык. *Кинематографиялык лента. Кинематографиялык өнөр жай.*

КИНЕТИКА *зат.* Статика жана динамиканы ичине алган теориялык механиканын тармагы.

КИНЕТИКАЛЫК *сын.* Кинетикага таандык.

КИНО *зат.* Кинематография, киноискусство, кинофильм, кинотеатр деген түшүнүктөрдү билдирүүчү жалпы ат.

КИНОАКТЁР *зат.* Кинофильмдерде ойноочу актёр.

КИНОАППАРАТУРА *зат.* Кинематографияда колдонулуучу ар кандай аппараттардын (фильмдерди тартып алуучу, экранда көрсөтүүчү, үндү жазып алуучу), машиналардын, станоктордун жалпы наамы.

КИНОДРАМАТУРГИЯ *зат.* 1. Киносценарийлердин жыйындысы. 2. Киносценарийлерди түзүүнүн теориясы.

КИНОЖУРНАЛ *зат.* Күндөлүк турмуштун ар кандай көрүнүштөрүнөн алынып тартылган кыска метраждуу кинофильм.

КИНОИСКУССТВО *зат.* Кинематографтын жардамы менен кино үчүн түзүлгөн чыгарманы экранга чагылдыруу жана көрсөтүү искусствосу.

КИНОКАРТИНА *зат.* 1. Кинофильм. 2. Кинофильмдин атайын көчүрүлгөн копиясы.

КИНОМЕХАНИК *зат.* Киноустановканы тейлөөчү адис.

КИНООПЕРАТОР *зат.* Киносъёмкаларды чыгаруучу, кино тартуучу адис.

КИНОПЛЕНКА *зат.* Кинофильмдерди түшүрүү, басуу жана тартуу үчүн колдонулуучу жарыкты сезгич плёнка.

КИНОФИЛЬМ *зат.* Экранда демонстрациялоого арналган кинематографиялык чыгарма; кинокартина.

КИНОХРОНИКА *зат.* Күндөлүк коом турмушунан тартылган кинокартина же киножурнал.

КИҢИЛДЕ киңкилде менен бирдей.

КИҢКИЛДЕ *этиш.* Сөзү так чыкпай мурду менен сүйлөө, киңилдөө.

КИҢКИЛДЕК *сын.* Сүйлөгөндө сөзү так чыкпай мурдунан сүйлөгөн.

КИҢКИЛДӨӨ киңкилде этишинин кыймыл атоочу.

КИОСК *зат.* Майда соода үчүн ылайыкталган кичинекей дүкөнчө. *Киоскилердин текчелериндеги жайылган сонун китептерге көзү тойбойт* (Сыдыкбеков).

КИПАРИС *зат.* Дайыма көгөрүп туруучу ийне жалбырактуу жыгач.

КИР I *зат.* 1. Таза эместик, булганчтык. *Көйнөк кирин жууса кетет, көңүл кирин айтса кетет* (макал).

2. Жуулуп, тазартыла турган жана жуулуп тазартылган ар кандай кийим-кече, шейшеп, бет аарчы, суулук ж. б. жалпы наамы. *Кере тартылган жипте кир жайылып турат* («Жаш ленинчи»).

3. *өт.* Жаманатты, күнөө, айып. *Кошой түгүл даткамды Сөгүп турат Айтике, Бардык кирди даткама, Төгүп жүрөт Айтике* (Аалы). *Байкабасаң баары бир, Таза башың кир болот* (Аалы).

4. *өт.* Капа, таарыныч, ич күптү. *Бизден кеткен иш болсо Кетирербиз кириңди* («Семетей»). *Балам өлсө барбапсың, Таарынып өпкө, кирди айтам* (Токтогул).

5. *өт.* Кек, жамандык. *Кир сактабай, ак көңүл, Кексиз болуп кетелик* («Семетей»). — *Койчу нары, менин көңүлүмдө кир болсо катты сага көрсөтөт белем* («САЖИ»).

◆ **Тиштин кирин соруу** — абдан ачка болуу, кезерүү. [*Мусабек*].. *орозо кармап, тишинин кирин соруп қыйналышкан атаэнесине чындыкты айтамын деп, бөөдө жаман көрүндү* (Сасыкбаев). **Кир-кок** — жалпы эле кир нерселер. *Кир-когуңду жуудуруп.. алып жүр, кайгылайын* [*деди Жапардын энеси*].

КИР II туурасы: **гиря.**

КИР III *этиш.* 1. Бир жерге (мис., үйгө ж. б.), бир нерсенин ичине өтүү, баруу. *Эшикти чертип Жолбунов* [*үйгө*] *кирди* (Убукеев). *Тоту жеңем экөөбүз үйгө кирдик* (Жантөшев).

2. Келүү, жетүү. *Биз Токмокко эрте кирдик, дүкөндөр соода менен кызып жаткан кези экен* (Аалы).

3. Алуу, билүү. *Кынуусуна кирген соң, Күндө тозок салбайбы* («Манас»). *Иштей электе авансылап кирсе, Ал киши кантип оңсун* (Шүкүрбеков).

4. Кичирейүү, тыгыздануу, кыскаруу

(кездеме, кийим-кече жөнүндө). *Улам кирип отуруп этек-жеңи кыскарып кеткен чолок тон.*

5. Чыгуу, келүү. *Жыйырмага жаңы кирген.*

6. Белгилүү бир уюмга мүчө болуу, окууга ж. б. өтүү. *Өзүм сүйүп, өзүм кирген партия, Берчи мага кыйын-кыйын тапшырма* (Үмөталиев). [*Фатима*].. *акыры интернатка кирди* (Сасыкбаев).

7. Басуу, каптоо. *Дүңгүрөгөн ызы-чуу Кирип келди айылга* (Жантөшев).

8. Баруу, качыруу. *Тартынбай жоого кирели Улуу, кичүү, курбалдаш* (Жантөшев).

9. Басуу, баруу, түшүү. *Ак сакал болуп балдарга, Арамдык жолго кирбей жүр* (Жантөшев).

10. Бир нерсени баштоо. *Бир топ абышка, «Тогуз коргоолго» киришти* (Убукеев). *Кары-жашы калбастан көчөт отургузуугa киришишти* (Убукеев).

11. Каарына келүү (буура жөнүндө). *Буурасы кирип буркулдап, Кыш чилдеде тиштерин Кычыратып чайнаган* (Үсөнбаев). *Жаңы кирген кара атан Тайлакты чайнап койбосун* (Бөкөнбаев).

12. Көбөйүү, ташкындоо. *Мөңгү жибип, Суулар кирди күркүрөп* (Осмонкул).

13. Түшүү, башталуу. *Кеч кирүү. Иңир кирүү. Күүгүм кирүү. Сакалга ак кирүү.*

◆ **Ичи-койнуна кирүү** *к.* **ич I. Кирди-чыкты** *к.* **чык III. Тилге кирүү** — 1) макул болуу, айтканына, дегенине көнүү, тилин алуу. *Айткан тилге кирбесең, Акылымды билбесең, Өз убалың өзүңө, Төштук* («Эр Төштүк»). 2) сүйлөө, сүйлөп калуу. *Таң атты, Алым кайра тилге кирди* (Аалы). **Күчкө (карууга, алга, дарманга) кирүү**—алдануу, дармандануу, тыңуу. *Кубанып дарманына киргенине, Халатчан коридорду басып турат* (Үмөталиев). *Эр карыса жашарып, Күчкө кирер болсочу* (Барпы).

КИР I V кир-кир этүү—кирилдөө, киркирөө.

КИРБИТИЙ *сын.* Абдан арык, алсыз, кичинекей, кирбийген. *Кирбигий бала.*

КИРБИЙ *этиш.* Кичине, начар, алсыз көрүнүү.

КИРБИЙТ кирбий этишинин аркылуу мамилеси.

КИРБИК *сын.* Абдан кичине, арык, начар, алсыз, кидигий.

КИРБИҢДЕ *этиш.* Кибирөө. *Жөжөдөй кирбиңдеген майда балдар* (Аалы).

КИРБИҢДӨӨ кирбиңде этишинин кыймыл атоочу.

КИРГИЗ кир этишинин аркылуу мамилеси.

КИРГИЛ *сын.* Кири бар; ачык эмес, таза эмес, күңүрт. [*Жумушчу*].. *бочкадагы киргил суудан вагонеткага чакалап куюп жатты* (Сасыкбаев).

КИРГИЛДЕН *этиш.* Киргил болуу, күңүрттөнүү, тунук, таза болбоо. *Киргилденип чамыны, Күңгүрөнүп толкундап* (Бөкөнбаев).

КИРГИЛДЕНТ киргилден этишинин аркылуу мамилеси.

КИРГИЛДЕНҮҮ киргилден этишинин кыймыл атоочу.

КИРДЕ *этиш.* 1. Булгануу, кир болуу, таза болбоо. *Борчо-борчо көйнөгү Ботколонуп кирдеди* (Осмонкул).

2. *өт.* Капалануу, кайгыруу, көңүлгө алуу, таарынуу. *Ушактап бизди жатса да, Берилип аган кирдебе* (Турусбеков).

КИРДЕТ кирде этишинин аркылуу мамилеси.

КИРДӨӨ кирде этишинин кыймыл атоочу

КИРДҮҮ *сын.* Таза эмес, кири бар, булганыч. *Аптада жуун ак кылат, Кирдүү кийим кийгизбей* (Тоголок Молдо).

КИРЕ *зат.* Акыга жүк ташуучу жалданма араба. *Каныбек кире акысын төлөөнү ойлоду* (Жантөшев). *Кире толо үйүлөн, Китеп тура бардыгы* (Аалы).

◆ **Кызыл кире** — эгин жүктөлгөн арабалардын тобу. *Кызыл кире күндө нече Мамлекетке дан ташып* (Нуркамал). **Жол кире** *к.* **жол.**

КИРЕҢЕЧ *зат.* Арабасы менен акыга жүк ташуучу адам. *Кирекечтер келип ат чалдырып өткөнү болбосо мында эч ким келүүчү эмес* (Убукеев).

КИРЕПТЕР кириптер менен бирдей.

КИРЕЧИ кирекеч менен бирдей.

КИРЕШЕ *зат.* Пайда, кириш, доход. *Өсүмдүктүн кайсы түрүнөн киреше көп алынат* («Чалкан»). [*Кой-товар*].. *ферма колхозго эки миллион сомго жакын киреше берди* («Коммунист»).

КИРЕШЕЛЕ *этиш.* Киреше кылуу, пайдага кошуу, кирешеге жазып, каттап коюу.

КИРЕШЕЛӨӨ кирешеле этишинин кыймыл атоочу.

КИРЕШЕЛҮҮ *сын.* Кирешеси, пайдасы, доходу көп, арбын. *Кой чарбасы — абдан кирешелүү тармак* («Айыл чарба»).

КИРИЛДЕ *этиш.* Киркирөө, кир-кир этүү. *Ал ынтыккансып, шилисин тарткanda кирилдеген дабыш үгулду* (Аалы). *Карыш жерге басалбай, Картайганың билинет, «Аттиң, кайран жаштык» деп, Көкүрөгүң кирилдеп* (Токтогул).

КИРИЛДЕҢ *сын.* Киркирек, кирилдеген. *Кирилдек үн.*

КИРИЛДЕТ кирилде этишинин аркылуу мамилеси.

КИРИЛДӨӨ кирилде этишинин кыймыл атоочу.

КИРИН *этиш.* Жуунуу, сууга түшүп тазалануу. *Сууктан жаман корунуп, Жумасына киринбейт* (Тоголок Молдо).

КИРИНДИ *зат.* Башка жактан, башка жерден келип экинчи бир урууга кошулган же бирөөнүн үй-бүлөсүнө кошулган адам.

◆ **Кириндн сөз** — *грам* айтылган ойду бекемдөө үчүн сүйлөмгө катышкан, бирок сүйлөм мүчөсү болбогон сөз. **Кириндн сүйлөм** — *грам.* башка сүйлөмгө кошулуп айтылганы менен, ал сүйлөмгө мүчө болбогон сүйлөм; бул сүйлөм айтылган ойдун кыргаалын түшүндүрөт.

КИРИНДИР кирин этишинин аркылуу мамилеси.

КИРИНТ кирин этишинин аркылуу мамилеси.

КИРИНҮҮ кирин этишинин кыймыл атоочу.

КИРИПТЕР *зат.* Ыңгайсыз же оор абалга дуушар болуучулук. *Андай абалга өзүн-өзү кириптер кылды* (Байтемиров). *Балаага кириптер болдум.*

КИРИШ I: кириш сөз — сөз башы, алгачкы сөз. *Бул кириш сөздө.. бир катар пикирлер айтмакпыз* (Аалы). **Кириш бөлүм** — негизги курстан мурдагы бөлүк.

КИРИШ II киреше менен бирдей.

КИРИШ III *этиш.* 1. Бир ишти иштөөгө баш коюу, иштей баштоо, аракеттенүү. *Дүкөнчү сооданы жүргүзүүгө киришти* (Убукеев). *Жылдызкан үйдү саап коюп, тамак жасоого киришти* (Байтемиров).

2. Кийлигишүү, кошула кетүү. *Бул ишке сиздин киришкениңиз эң туура* (Жантөшев). *Аш-тамакка киришкен, Башка эле сенин кыялың* (Тоголок Молдо).

КИРИШМЕ *зат.* 1. Сөз башы, алгачкы сөз, кириш бөлүмү.

2. Бир илим тууралуу жалпы маалымат.

КИРИШҮҮ кириш этишинин кыймыл атоочу.

КИРКИ киркирек менен бирдей.

КИРКИРЕ *этиш.* Кирилдөө, кир-кир этүү. — *Мен фактыны айттым!* — *деп Марк Соломонович.. киркиреди* (Сасыкбаев). *Үйдүн ичинен киркиреген үн чыкты* (Касымбеков).

КИРКИРЕК *сын.* Кирилдек,- кир-кир эткен. *Ошондо да колхоздун башкармасы ушул азыркы киркирек, Садык болучу* (Байтемиров).

КИРКИРЕТ киркире этишинин аркылуу мамилеси.

КИРКИРӨӨ киркире этишинин кыймыл атоочу.

КИРПИ *зат.* Жону, капталдары тикендүү кичине жаныбар. *Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт* (макал).

◆ **Кирпи чечен—кирпи** менен бирдей.

КИРПИК *зат.* Көз жапкагынын кырындагы (көздүн айланасындагы) майда кылдар. *Кирпигин улам-улам ирмеп алды* (Аалы). *Шарип.. кош кирпигин.. бат-бат ирмеди* (Бейшеналиев).

◆ **Кирпик какпоо** *же* **кирпик ирмебөө** — уктабоо, көз илбөө. *Кубаныч жүрөгүн туйлатып, Кычан түндүн далайына чейин кирпик какпады* (Бейшеналиев). *Посто.. кирпик ирмебей тик турдум* (Каралаев).

КИРПИКТҮҮ *сын.* Кирпиги узун. *Кирпиктүү өткүр көзүн жаш чайыды* (Сыдыкбеков).

КИРПИЧ *зат.* Тик бурчтуу төрт чарчы формасындагы чоподон бышырылган же ылайдан куюлган курулуш материалы. *«Өзүм баштап кирпич куюшамын!» деп директор Бегалиев демилге көрсөттү* (Сыдыкбеков). *Кирпич заводу.*

КИРТЕЙ киртий менен бирдей.

КИРТИЙ *этиш.* Чарчагандыктан, кыйналгандыктан көз кош кабаттанып, ары киргенсип көрүнүү. [*Сабхаттын баласынын*].. *чарчагандыгы киртийген көзүнөн байкалып турат* (Сасыкбаев).

КИРТИЙҮҮ киртий этишинин кыймыл атоочу.

КИРТИЛДЕ *этиш.* Чайнаганда, тиштегенде күңүрт кырт-кырт этүү, кыртылдоо.

КИРТИЛДӨӨ киртилде этишинин кыймыл атоочу.

КИРҮҮ кир этишинин кыймыл атоочу.

КИРЧИЛ *сын.* 1. Бат кирдей турган, бат булгануучу, бат кирдөөчү.

2. *өт.* Ызакор, таарынчаак, капачыл, бир нерсени бат оюна алгыч. ..*Жарым жандар, карылар өтө кирчил болот* (Касымбеков).

КИСЕ *зат.* Көбүнчө күмүш чабылып кооздолгон, курга байлануучу булгаары баштыкча. [*Кадырбайдын*].. *белинде күмүштөгөн чоң кисе* (Жантөшев). *Мына атамдын кисеси.. деди* [*сары бала*] (Аалы).

КИСЕЛЬ *зат.* Жемиш ширесинен, сүттөн ж. б. крахмал кошулуп кайнатылган коюураак, килкилдегирээк тамак. *Мен буфеттен кисель, каймак алдым* (Аалы).

КИСЛОРОД *зат.* Дем алууга, күйүүгө зарылдыгы бар жана водород менен кошулуп сууну түзүүчү, аба составына кирген түссүз, жытсыз газ, химиялык элемент.

КИСЛОТА *зат.* Кычкыл даамдуу, составында водород бар, тузду түзүүдө металлдын ордун алмаштыруучу касиети бар химиялык бирикме. *Азот кислотасы. Туз кислотасы.*

КИСТЬ *зат.* Бир нерсени боёо же майлоо үчүн кичинекей кыска жыгачтын учуна бекитилген топ кылы бар боёгуч, майлагыч курал. *Сүрөтүн тарт кереметтүү Ильичтин, Кирпигимден кисть жасап берейин* (Аалы).

КИТ *зат.* Сырт кебетеси балыкка окшош, сүт эмүүчү, абадан дем алууну эң зор деңиз жаныбары.

КИТЕЛЬ *зат.* Тик жакалуу формалуу бешмант. [*Жанболот*].. *кителинин сол төш чөнтөгүнүн тушун басты* (Шимеев).

КИТЕП *зат.* Басмадан мукабаланып чыгарылган, барактуу, түрлүү мазмундагы жыгармалардын текстеринин жыйындысы. [*Аскар*].. *китебин жаап, дептерлерин жыйнап койду да, сыртка чыкты* (Сыдыкбеков). *Столдун үстүндө айыл чарба иштери жөнүндөгү илимий китептер жатат* (Жантөшев).

◆ **Китеп кап** — *сүйл.* китептерди салып, асынып алуучу баштыкча.

КИТЕПКАНА *зат.* Китеп, журнал, газеталарды жыйноочу, сактоочу, аларды окуган адамдарга берип туруу жана окутуу ишин жайылтуучу атайын мекеме, библиотека. *Республиканын китепканаларынан жарым миллионго жакын адам китеп алып окуйт* («Коммунист»).

КИТЕПЧЕ *зат.* Кичине көлөмдүү китеп, кичинекей китеп.

КИТИРЕЙ *этиш.* 1. Киртийүү, чарчагандан, кыйналгандан көз киртийүү. *Чуңкур көзү китирейип,* [*Сапардын*] *көргүсү келбей тургандын Түгөл билбей коёбу* (Бейшеналиев).

КИЧИ I *сын.* Кичүү. *Бул—Абылдын кичи баласы.*

◆ **Кичи пейил** — элпек.

КИЧИ II *этиш.* Бер, берчи, келе, бере койчу (балдар айтуучу же балдардан бир нерсе суроодо айтылуучу сөз). *Колуңдагыдан кичи. Эмне алып келдиң, кичи.*

КИЧИГИРИМ *сын.* Кичине, анча-мынча, аз. *Кичигирим муштасаңчы.*

КИЧИЛЕ *этиш.* Бир нерсени «кичи» деп суроо. *Көрүнгөндөн кичилеп, Кишиге жек көрүнбө* (Осмонкул).

КИЧИНЕ *сын.* 1. Чондун карама-каршысы, чоң эмес. *Анын баары бул кичине куржунга кантип батты* (Сыдыкбеков). *Кичине аянтчага эл.. толгон* (Жантөшев).

2. *өт.* Жаш. *Кичине кезиңде жанындагы Зарыл экөөң далай.. куурчак ойногон болучусуңар* (Сыдыкбеков).

◆ **Чоң-кичине** — улуу-кичүү, кары-жаш; чоңу жана кичинеси аралаш. *Ачык мүнөздүү чоң-кичинеге бирдей мамиле кылган адам эле* (Убукеев).

КИЧИНЕКЕЙ кичине менен бирдей.

КИЧИНЕСИН *этиш.* Кичине сыяктануу, өзүн кичине деп эсептөө, саноо.

КИЧИНЕСИНТ кичинесин этишинин аркылуу мамилеси.

КИЧИНЕСИНҮҮ кичинесин этишинин кыймыл атоочу.

КИЧИР *этиш.* Кичине болуу, кичирейүү, азаюу.

КИЧИРЕЙ кичир менен бирдей.

КИЧИРҮҮ кичир этишинин кыймыл атоочу.

КИЧҮҮ *сын.* Кенже, жаш, мезгил жагынан төмөн, кичине. *Мен ал кишиден он алты жаш кичүүмүн* (Тоголок Молдо). *Нуруйла Абылдан туура үч жаш кичүү* (Таштемиров).

◆ **Улуу-кичүү**—кары-жаш. *Улуу-кичүүнүн кадырын билем десең, агыны катуу суудан кеч, ашуусу бийик тоодон аш* (макал).

КИШ I *зат.* Суусар тукумуна кирүүчү териси баалуу анча чоң эмес күрөң түстөгү жырткыч, айбан. *Кишке уу кылгандар тайгандарын.. эзэрчитип* 30-40 *күнгө тайгага кетишет. Мурун бул жерлерде бугу, аюу, киш, суусар өңдүү жапайы айбандар көп болучу.*

КИШ II *сырд.* Кой-козуларды айдаганда же бир жакка кайырганда айтылуучу сөз.

КИШЕН *зат.* 1. Качпас же ууру алып кетпес үчүн аттын эки астынкы бутуна салынуучу темирден жасалган тушоо. *Аттарга кишен салгын..* (Барпы).

2. Күнөөлүү кишинин буту-колуна салуучу темирден жасалган богоо. *Колу- бутун байлаңдар, Кишен салып айдаңар* («Эр Табылды»). *Буту-колум кишенде, Муңайып алыс кетемин* (Токтогул).

КИШЕНДЕ *этиш.* 1. Бутуна кишен салуу. *Түнү аттарды кишенделп отко койду* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Токтотуу, тоскоолдук кылуу. *Жаңжал кылып чыр баштап, Өткөн ишти кишендейт* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Туткундоо, эркси кылуу. [*Чынар*].. *кийин качыптыр деп уктук. Заманы аны кишендеп койсо, кайда качып кутулмак? Кармалыптыр* (Сыдыкбеков).

КИШЕНДЕТ кишенде этишинин аркылуу мамилеси.

КИШЕНДӨӨ кишенде этишинин кыймыл атоочу.

КИШЕНЕ *этиш.* Жылкы үн салуу, үн чыгаруу. *Кулун-тайлар кишенейт* (Осмонкул). *Босогодон өтө берип кишенеди кула тай* (Аалы).

КИШЕНӨӨ кишене этишинин кыймыл атоочу.

КИШИ *зат.* Ойлоого, аң-сезимге, тилге жана эмгек куралдарын өндүрүүгө, аларды коомдук процесстс пайдалануу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон тирүү жан; адам. *Эркек киши. Аял киши. Чоң киши. Кадырлуу киши. Киши жаманы кирип чыкканча билинет, өз жамандыгын өлгөнчө билбейт* (макал).

◆ **Киши-кара** — адам, кимдир бирөө, жалпы эле киши. *..Чачыкей.. отун алган жериңден киши-кара көрдүңбү, кандай кабар уктуң?* («Эр Табылды»).

КИШИЛИК *зат.* 1. Кишичилик, адамгерчилик. *Колуңда малың турганда кишиликти унуттуң* (Осмонкул).

2. Кишиге таандык нерсенин өлчөмүн, көлөмүн билгизүү үчүн колдонулат. *Беш кишилик аш. Үйдүн сол жаккы капталында эки кишилик чоң кровать* (Жантөшев).

3. Ээрдин үстү, киши отуруучу (көчүк коюучу) жайы.

КИШИЛИКТҮҮ *сын.* Адамгерчиликтүү, кичи пейил, сый-сыпаттуу, сылык, тартиптүү, адептүү. *Токтогул тамашакөй, шайыр, кишиликтүү акын болгон* (Бөкөнбаев).

КИШИСИН *этиш.* Киши сыяктануу, адамсынуу, киши сапатында болуу. *Кишисинип сый көрсөтүүгө жараган жок* («Ала-Тоо»). *Кел, балам, чайың муздап калды! — деп, атам да мага жаңы ачыган кишисинди* (Жантөшев).

КИШИСИНТ кишисин этишинин аркылуу мамилеси.

КИШИСИНҮҮ кишисин этишинин кыймыл атоочу.

КИШИЧИЛ *сын.* Кишини качыргыч, кишиге тиш салгыч, кол салгыч. *Сопубийдин кишичил кара буурасы күбалап келип* [Токтогулду] *жарга камады* (Аалы).

КИШИЧИЛИК *зат.* Адамгерчилик, кишиликтүүлүк, адептүүлүк, кичи пейилдик. *Лайыкан кара торунун сулуусу, акыл, эси келишкен, кишичилиги артык кыз* (Жантөшев).

КИШИЧИЛИКТҮҮ кишиликтүү менен бирдей.

КИШМИШ *зат.* Данексиз майда таттуу жүзүмдүн сорту жана ошол жүзүмдүн мейизи. *Алым кишмиш сатып отурган уйгурдан Чжу-Вей-Хунун жайын сурады* (Жантөшев). *Кишмиш, мейиз жана айтамын курманы, Жесең сонун жемиштердин жыргалы* (Аалы).

КЛАПАН *зат.* 1. *тех.* Кандайдыр бир

механизмдин буу, суюктук же газ чыга турган тешигин ачып-жаап туруучу капкак.

2. *анат.* Кандын артка карай жүрүшүнө мүмкүндүк бербей турган жүрөктүн капкакча бөлүкчөсү.

КЛАСС *зат.* 1. Башталгыч жана орто мектептердин окуучуларынын окуу жылына алган билимдерине жараша бөлүнүшү жана ушундай бөлүнгөн топ. *Динаржан сен.. күздө бешинчи класска.. көчтүң* (Сыдыкбеков). *Биринчи класс.*

2. Художестволук мектептерде окуган окуучуларды предметке карата өз ара бөлүштүрүү тартиби. *Живопись классы. Рояль классы.*

3. Мектептин окуучулар окуй турган бөлмөсү. *Кең класска жык толгон өспүрүмдөр* (Сыдыкбеков). *Шыңгыраса коңуроо, Классыма киремин* (Үсөнбаев).

КЛАССИК *зат.* 1. Илимдин, адабияттын, искусствонун өзгөчө белгилүү, таанымал, үлгүлүү ишмери.

2. Классицизмдин өкүлү же анын жолун жолдоочу.

3. Байыркы грек, латин тили жана адабияты боюнча адис.

КЛАССИКА *зат.* Искусствонун жана адабияттын өтө көрүнүктүү, үлгүлүү чыгармалары.

КЛАССИКАЛЫК *сын.* 1. Классиктер чыгарган, түзгөн, өтө көрүнүктүү, маанилүү, үлгүлүү (адабий, илимий ж. б. чыгармалар жөнүндө).

2. Байыркы гректер менен римдиктердин заманына, шартына туура келген, ошолорго тиешелүү болгон; античный. *Классикалык тилдер (байыркы рим, латин тилдери). Классикалык окуу.*

КЛАССТЫК *сын.* Класска таандык. *Класстык комнаталарды кыдырып бүтүшкөндөн кийин, Шариптин кабинетине келип отурушту* (Бейшеналиев).

КЛАССИФИКАЦИЯ *зат.* Башкалардан айырмалануучу жалпы белгилерине, белгилүү окшоштуктарына карап, класстарга, түркүмдөргө, разряддарга бөлүү системасы.

КЛАССИФИКАЦИЯЛА *этиш.* Классификация кылуу, жалпы белгилерине, окшоштуктарына карап өз ара бөлүштүрүү, ажыратуу.

КЛАССИФИКАЦИЯЛОО **классификацияла** этишинин кыймыл атоочу.

КЛАССИЦИЗМ *зат.* 1. Байыркы грек, латин тилдерин жана античный (байыркы) адабиятты, искусствону үйрөтүүгө негизделген билим берүү системасы.

2. Адабият менен искусствонун античный (байыркы Грек, Римге таандык) үлгүлөрдү туурооо негизделген XVII кылымдан XIX кылымдын башына чейинки агымы.

КЛАССТАШ *сын.* Бир класста окуган. *Классташ окуучулар.*

КЛЕЁНКА *зат.* Бир жак же эки жак бети суу өткөзбөй турган өзгөчө состав менен капталган ткань. *Андрей клеёнка фартугун кийди* (Байтемиров).

КЛЕТКА *зат.* 1. Канаттууларды, айбандарды салуучу тор, капас.

2. Бир нерсенин бетине түшүрүлгөн чакмак, чарчы формалар.

3. *биол.* Протоплазма, ядро, чел кабыктан турган жандуу организмдин негизги бөлүгү.

КЛИЕНТ *зат.* Дайыма сатып алуучу, заказчы, иш боюнча келип туруучу.

КЛИМАТ *зат.* Белгилүү бир жерге, жайга мүнөздүү болгон метеорологиялык шарттардын жалпы белгиси, жыйындысы.

КЛИНИКА *зат.* Ооруларды дарылоочу, айыктыруучу жана аларды дарылоо менен бирге студенттердин практикасын өткөрүү жана илимий изилдөө жүргүзүүчү мекеме.

КЛУБ *зат.* Эмгекчилердин саясий, маданий деңгээлин көтөрүү, өркүндөтүү жана алардын көңүл ачуусун, дем алуусун уюштуруу иштерин жүргүзүүчү мекеме жана ошондой мекеменин жайы, үйү. *Колхоздук клуб. Шаардык клуб.*

КНИЖКА *зат.* 1. Форматы кичине чөнтөк дептерче.

2. Түрлүү белгилерди, маалыматтарды эсеп-кысап иштерин же документацияларды жазып туруу үчүн колдонулуучу атайын дептерче, китепче. *Эмгек книжкасы. Сактык книжкасы.*

КНОПКА *зат.* 1. Кагазды, материалды, ураандарды жана башка жеңил, жука нерселерди дубалга, тактага ж. б. кадай турган жалпак бөрктүү кыска мык. *Расписаниени кооздоп жазып, кнопка менен кадап коюшкан* (Бейшеналиев).

2. Бири-бирине ашталып бекиле турган топчу.

3. Электр коңгуроосунун шыңгыратуу үчүн баса турган жери. *Эшиктин алдына барып коңгуроосунун кнопкасын удаа-удаа бастым* (Шимеев).

КНЯЗЬ *зат.* 1. Феодалдык Руста аскер башкаруучу жана кандайдыр бир областка ээлик кылуучу адам. *Бай эмес, падыша эмес, князь да эмес, Өзүмдөй жөн адамдар жолдошторум* (Үмөталиев).

2. Жогоркудай адамдардын укумдантукумга мурас болуп келген титулу жана ушундай титулду падышанын указы боюнча алган адам.

КОБЗА *зат.* Чертпле турган украиналык эски музыкалык инструмент.

КОБЗАРЬ *зат.* Кобза чертип ырдоочу украиналык элдик ырчы, акын.

КОБУК *зат.* Колдун манжаларында болуучу оорунун аты. *Кобук кылып дөөрутуп, Колумду алдың карылык* (Тоголок Молдо).

КОБУЛ *зат.* 1. Уук, кереге, түндүк, чамгарак сыяктуу буюм-теримдерди кооздоо үчүн түшүрүлгөн ичке жылга -жылга оюк, из, оюм; териден тигилген кийим-кечениин, башка буюмдардын тигишине тиштеп түшүрүлгөн из, орнамент.

2. Көндөйчө. *Ээрдин кобулу.*

КОБУЛДА *этиш.* 1. Кобул түшүрүп кооздоо. *Жымырата тиктирген, жылан боор бүктүргөн, Кош кобулдап тиштеген* («Манас»).

2. Сууктун, шамалдын ачык жерден, тешиктен киришин көрсөтүү үчүн колдонулат. *Кобулдап суук кирет.*

КОБУЛДАТ кобулда этишинин аркылуу мамилеси.

КОБУЛДОО кобулда этишинин кыймыл атоочу.

КОБУР *зат.* 1. Сөздөрү ачык, даана үгулбаган, ажыратылбаган үн, дабыш. *Кобур угулган тарапты көздөй басты* (Жантөшев).

2. Сөз, кеп. *Кобур салуу. Жер бетинде кобурду.. Толуктап айтып берейин* («Семетей».)

КОБУРА *зат.* Пистолеттин, револьвердин (тапанчанын) кабы, футляры.

КОБУРА *этиш.* 1. Сүйлөө, кеп салуу. *Каныш үйдөн чыккыча, Камка кобурап, тигиндей узай берди* (Сыдыкбеков).

2. Күңкүлдөп же тийиши жок сөздөрдү сүйлөй берүү. *Кобурабай жөн отур!* «(Ала-Тоо»).

КОБУРАШ кобура этишинин кош мамилеси.

КОБУРОО кобура этишинин кыймыл атоочу.

КОДЕКС *зат.* 1. *юр.* Коомдук турмуштун белгилүү бир жагы боюнча системалаштырылган закондордун жыйнагы. *Эмгек жөнүндөгү закондордун кодекси. Кылмыш кодекси. Граждандык кодекс.*

2. *өт.* Жүрүш-туруш, тартип ж. б. эрежелеринин жалпы жыйындысы. *Моралдык кодекс.*

3. Түптөлүп, мукабаланып коюлган эски кол жазма.

КОДИК *зат.* Эшектин баласы.

КОДОГОЙ *сын.* Боюкичине, жапыз, кодоо.

КОДОЙ *этиш.* Боюкыска, кичине болуп көрүнүү. *Кодойгон сары неме жумушчуларга жаңдап колун көтөрдү* (Бектенов). [Татыбек].. *четте турган кодойгон кишиге түптүз баратат* (Байтемиров).

КОДОҢДО *этиш.* Кеңдөө (боюжапыз , кодоо кишиге карата). *Кер какшык айтып кодоңдойт* (Осмонкул).

КОДОҢДОО кодоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОДОО I *зат.* Балык кармоо үчүн чырпыктан жана сымдан жасалган төр. *Терең детип кодоосун, Балык аңдып турду эле* (Токобаев).

КОДОО II *сын.* Боюкичине, жапыз, кодогой. *Кодоо киши. Кодоо бала.*

КОДУЛА *этиш.* Жектөө, өөнсүтүү, өгөйлөө. *Бирин-бири курулай, кодулабай ынтымактуу оокат кылышсачы* («Ала-Тоо»).

КОДУЛОО кодула этишинин кыймыл атоочу.

КОДУРА *зат.* 1. Даны, данеги жерге түшүп, айдалбай, эгилбей чыккан эгин, өсүмдүк. *Кодураны өзүм эле оруп келем деди* [*Анаркүл*] (Абдукаримов).

2. *өт.* Майда, кичине; жөндөмсүз, жарамсыз. *Ишке жарабаган өңчөй кодураларын бизге калтырыптыр* («Ала-Тоо»).

КОЁН *зат.* 1. Кемирүүчүлөр тобуна кирүүчү, кулагы менен арткы буттары узун, анча чоң эмес, бакма жана жапайы жаныбар. *Коён өстүрүүчү фермалар.*

2. Айбандардын аттары менен берилген он эки жылдын төртүнчү жылынын аты. *Коён жылы төрөлүшкөн* (Аалы).

Коёндун жатагына чейин билүү — жердин шартын, ой-чуңкурун ж. б. билүү. *Коёндун жатагына чейин бүт билет.* [Аскар]... *коёндун жатагына чейин жазбай байкашка ашыгат* (Сыдыкбеков). **Коёндон окшош** — абдан окшош, опокшош, союп каптагандай, бири-биринен ажыратылгыс, айрылгыс. *Коёндон окшош козусу, Коюңар туган эгизден* (Маликов). **Коён жүрөк** — коркок, кайратсыз. *Сен тим эле коркупсуң, коён жүрөк турбайсыңбы* (Аалы).

КОЁНЧЕК *зат.* Кичине, жаш коён (көбүнчө эркелетүү иретинде). *Сеңсең куйрук, кош кулак. Сереңдеген коёнчек.*

КОЁНЧУК *зат.* Кокусунан кармай калып, тез жазылып кетүүчү талма оору.

КОЖО *зат.* 1. *дин.* Алгачкы халифтердин тукуму; мусулмандардын диний башчыларына берилүүчү ардактуу наам жана ушундай наамы бар адам. *Ишенген кожоң суугаакса — алды-алдыңан тал карма* (макал). *Акырын баскан молдодон сактан, ала чапан кожодон сактан* (макал).

2. Кожоюн, ээ. *Тоого да, түзгө да кожо бир өзүбүз* (Сыдыкбеков).

КОЖОГАТ *зат.* 1. Карагат сыяктуу жапайы бадал өсүмдүгү. *Ушул беттерге келген адам кожогат менен булдуркөндөн аяк басарга чоло жер таба албайт* (Сыдыкбеков).

2. Ушул өсүмдүктүн кычкыл ширин мөмөсү. *Колунда топу толгон кожогат бар Атайы Канышка деп алган терип* («Советтик Кыргызстан»).

КОЖОГОЙ *сын.* Колдогой, эби-сыны жок, олдоксон. *Кожогой киши.*

КОЖОЙ *этиш.* Катып, зыкыйып калуу. *Тачктай кожоюп ийилбей калса да, өзүмдүн бутум каларына көзүм жеткенден кийин бир аз жоошуй түштүм* («Ала-Тоо»).

КОЖОЛУК *зат.* 1. Кожо болуп туруучулук.

2. Чарба. *Колхоздун кожолугун көтөрүү үчүн жалаң шалы айдоо аздык кылар дейм* (Шимеев).

3. Түтүн. *Он беш кожолук айыл.*

КОЖОҢДО *этиш.* Олдоксон, одоно, эпсиз кыймылдоо. [*Улак*].. *канчалык аракеттенбесин кожоңдоп тоң моюн* (Бейшеналиев).

КОЖОҢДОО кожоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОЖОЮН *зат.* 1. Ээ. *Советтик адам— өз өлкөсүнүн кожоюну* («Коммунист»).

2. Чарбаны башкарган, жүргүзгөн жетекчи киши. *Биздин кой ферма башчы кожоюкубуз ушундай буйрук берип кетти* (Жантөшев).

3. Үй ээси, үй-бүлө башчысы.

4. Эр, күйөө. *Кожоюнум Балыкчыдан күтмөк* (Аалы).

КОЖОЮНДУК *зат.* Ээлик, ээ болуучулук, үстөмдүк, чоңдук, бийлөөчүлүк. *Силердин па-*

дышаңар мага кожоюндук кыла албайт (Аалы).

КОЖУРА *этиш.* Қобурашуу, сүйлөшүү. *Күнү-түнү кожурап, кулагыңды тындырбайт* (Осмонкул).

КОЖУРАШ кожура этишинин кош мамилеси.

КОЗГО *этиш.* 1. Қыймылдатуу, ордунан көпшоо, көпшолтуу, бир жайдан экинчи жайга жылдыруу. *Ордунан козго.* [*Аял*].. *бутун козгоп коюп,.. чаканы көрсөтө үйлөдү* (Сыдыкбеков). *Өз денемди араң козгоп жүрөмүн* (Аалы).

2. Эске салуу, жаңыртуу, элестетүү, кайрадан чыгаруу. *Боздодуң, апа боздодуң, кайгымды кайра козгодуң* (Токтогул). *Кудаке бузук болбосо, Ким козгойт эле бул иште* («Олжобай менен Қишимжан»). *Қызый-кызый Виктор өткөн күндөрүнөн да козгоду* (Сыдыкбеков). *Башынан өткөн заманын Козгоп турду эр Бакай* («Манас»).

3. Козутуу, ээликтирүү. *Делебени козгогон шаар багынын музыкасы ойнолду* (Баялинов).

КОЗГОЛ козго этишинин туюк мамилеси.

КОЗГОЛОҢ *зат.* Дүрбөлөң, уруш менен каршы чыгуу, бүлгүн, чыр-чатак. *Кимдер кетпейт кыян жүрсө сел менен, Козголоңдо биз кеткенбиз эл менен* (Аалы). *Қалың малга кайтадан козголоң түштү* (Убукеев).

КОЗГОЛОҢДУУ *сын.* Чыр-чатакчуу, дүрбөлөңдүү, жоболондуу, бүлгүндүү. *Козголоңдуу жигит бар, Қоңшусу менен тынч жүрбөйт* (Токтогул).

КОЗГОЛОҢЧУ *зат.* Козголоң чыгаруучу; козголоңгө катышуучу. *Козголоңчулардын бир далайы.. куралданып, калышкан* («САЖИ»).

КОЗГОО козго этишинин кыймыл атоочу.

КОЗГОТ козго этишинин аркылуу мамилеси.

КОЗГОШ козго этишинин кош мамилеси.

КОЗО гозо менен бирдей.

КОЗУ I. *зат.* Қойдун жаш төлү. [*Далбай*] *жүз тубар койдон жыл сайын жүз он, жүз он бешке чейин козу асырайт* (Байтемиров). *Бай союуга козу таппай, жардынын жалгыз козусун сураптыр* (макал).

◆ **Козу карын**—даяр органикалык заттардан азыктануучу жапыз өсүүчү өсүмдүк. **Козу кулак**—козунун кулагы түспөлдүү топ жалбырактары бар, кычкыл даамдуу өсүмдүк.

КОЗУ II. *этиш.* Желигүү, күчөө, кызуу, ээлигүү, козголуу. *Жүрөк чери козуп.. эч кимге айтылбас сырды* [*Гүлайымга*] *айткысы келет* (Бейшеналиев).

КОЗУГА *зап.* Аркардын баласы. *Аркар экен, козугасын эмизип турат, — деди* («Жомоктор»).

КОЗУЛА *этиш.* Төлдөө (койлорго карата). *Қой козулап төлдөштү, Қойчулар жайып төлдөтүп* (Осмонкул).

КОЗУЛОО козула этишинин кыймыл атоочу.

КОЗУЛУУ *сын.* Козусу бар. *Козулуу кой.*

КОЗУТ козу этишинин аркылуу мамилеси.

КОЗУУ козу этишинин кыймыл атоочу.

КОЗЫРЁК *зат.* Баш кийимдин (мис., фуражканын ж. б.) мандайкы калканчы. *Козырёгу кабырылган фуражкасы бар* (Сасыкбаев).

КОЙ I *зат.* 1. Эт, сүт, жүн берүүчү, үй айбандарына кирүүчү майда жандык. *Садыр койчулар менен кой айдашып артта калды* (Убукеев).

2. Айбандардын аттары менен берилген он эки жылдын сегизинчи жылынын аты.

◆ **Қой оозунан чөп албаган**—жоош, абдан момун. *Қайын энем кой оозунан чөп албаган момун* (Жантөшев). **Қэй көз**—жоодураган сургулт кара көз.

КОЙ II *этиш.* 1. Бир нерсени жайына орнотуу, белгилүү бир орунга жайгаштыруу. *Столдун үстүнө кой. Эшикке кой.*

2. Тыюу, токтотуу маанисинде колдонулуучу сөз. *Кой, балам, андай кылба* («Ала-Тоо»). *Оюнду кой.*

3. Уруу, чабуу, муштоо.

4. Уруксат кылуу, эрк берүү. *Оюнду сага ким коюптур. Ырдаганды ким кой.*

5. Көрсөтүү; угузуу. *Концерт койду.*

6. Дайындоо, тургузуу. *Қызматка кой. Сокурдан сакчы койсоң, элиңди жоого чаптырарсың* (макал).

7. Көмүү (мис., өлгөн адамды). *Ёсордун сөвгүн.. мүрзөгө койгондо, Ашыр да катышты* (Сасыкбаев).

8. Киргизүү, кийирүү; талкууга салуу. *Маселе койду. Добушка койду. Көпчүлүктүн кароосуна койду.*

9. Чыгаруу, пайда кылуу. *Өрт кой. От кой.*

10. Көмөкчү этиш катарында капысынан болгондук, күчөтүү ж. б. маанилерди берет. *Көрө койду. Биле койду. Келбей койду. Бербей койбойт.*

◆ **Кол коюу** — кандайдыр бир документтин, картинанын, белгилүү тексттердин ж. б. алдына фамилиясын өз колу менен жазуу, ырастоо, макулдугун көрсөтүү. *Справкага кол койду. Тизмеге кол койду.*

ҚОЙГУЗ кой этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОЙГУЛ *сын.* Сүзүлгөн, коюуланган (уйкусураган, уйкусу келген, талыкшыган көздөр жөнүндө). *Ажардын көзү койгул, бети анар* (Турусбеков).

ҚОЙГУЛДАН *этиш.* Койгул тартуу, сүзүлүү (уйкусу келгенде, талыкшыганда ж. б. учурларда). *Көздөрү койгулданып, чарчаган Абышканын уйкусу келип отурган эле* («Ала-Тоо»).

ҚОЙГУЛДАНУУ койгулдан этишинин кыймыл атоочу.

ҚОЙДУР кой этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОЙКА *зат.* Ооруканаларда, жатаканаларда, казармаларда ж. б. жайларда бөлө турган жөнөкөй жасалган бир кишилик кровать.

ҚОЙҚОКТО *этиш.* Мойнун созуп, башын көтөрө кыймылдатуу, койкондоо. *Қызыл короз.. талдын бутагына конуп, койкоктоп кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

ҚОЙҚОКТОО койкокто этишинин кыймыл атоочу.

ҚОЙҚОКТОТ койкокто этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОЙҚОҢДО койкокто менен бирдей.

ҚОЙЛУК *зат.* Бир койго татырлык. *Бөрү карыса да бир койлук алы бар* (макал).

ҚОЙЛУУ *сын.* Коюу бар. *Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала чуркаптыр* (макал).

ҚОЙЧУ I *зат.* Кой кайтаруучу, багуучу адам. *Кокту, чыбыр адырын Койчулар билет кадырын* (Убукеев). *Кечээ койчу Алымкулум Бүгүн кенге кириптир* (Бөкөнбаев).

◆ **Койчу-колоң** — койчулар, кой бакандар.

ҚОЙЧУ II *сырд.* Чочуганда айтылуучу сөз. *Койчу, балам, андай жамандыктын бетин ары кылсын!*

ҚОЙЧУЛУК *зат.* Кой кайтаруучулук, кой багуучулук. *Сен келипсиң, Эшмамбет, Койчулуктан кутулуп* (Токтогул).

ҚОЙЧУМАН койчу I менен бирдей.

ҚОК: кир-кок *к.* **кир I.**

ҚОКОЗО *зат.* Апийимди чогултуучу идиш. *Биз.. бирден кокозону белибизге байлап.. жөнөп калдык* (Элебаев).

ҚОКОЙ *этиш.* Сороюу, бөлүнүп көрүнүп туруу. *Көркөмү жок кыш маалында кокойгон Карагай да мончок, акак тагынды* (Бөкөнбаев).

ҚОКОЛО *этиш.* Алкымдоо, кекиртектөө, кокодон алуу, коко турган жерден кармоо.

ҚОКОЛОО коколо этишинин кыймыл атоочу.

ҚОКОЛОТ коколо этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОКОЛОЙ: коколой башы — жалгыз башы, жеке өзү. [*Андрей*].. *же энеден жок, же катын-баладан жок, коколой башым калганбы,.. деп да ойлоду* (Сасыкбаев).

ҚОКОЛУУ *сын.* Кокосу чоң. *Коколуу мойнун толгой кармап,.. ээгин сылап койду* (Сасыкбаев).

ҚОКОҢДО *этиш.* 1. Коржоңдоо, серендөө. [*Илгери*].. *бир трашманкенин артынан беш-алты жарак-жабдыктуу атчандар кокоңдоп ээрчип алыша турган* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Чакчандоо, чоңдугун көрсөтүмүш болуу, көкүрөгүн көтөрүү, корчоңдоо.

ҚОКОҢДОО кокоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ҚОКОЧО *сын.* Абдан кир, булганч, таза эмес. *Баланын мойну-башы кокочо кир..* (Касымбеков). *Кокочо кара кир болуп, Токтоп калган сары дат Ичи менен бир болуп* («Манас»).

ҚОКС *зат.* Таш көмүрдөн, торфтон ж. б. аба киргизбей кызытуу жолу менен алынган табы күчтүү отун.

ҚОКТУ *зат.* Чоң жылга, эки кырдын ортосу, колот. *Сен мына бул кокту менен барып, ошол эки адамдын ким экенин бил* (Жантөшев). *Жогорку коктудан жалгыз аттуу адам көрүндү* (Жантөшев).

ҚОКТУЛУУ *сын.* Коктусу бар. *Коктулуу жер.*

ҚОКТУЧА *сын.* Кичине кокту, кокту сымал. *Коктуча коонун ичи менен Чоң Койчу, Жапек, Темир — үчөө келишти* (Жантөшев).

ҚОКУЙ *сырд.* 1. Чочуганда, таң калганда, иренжигенде, бир жери катуу ооруп жаны кейигенде ж. б. айтылуучу сөз. — *Кокуй, андай кылбагыла, козусуна доо кетет* (Жантөшев).

2. Азап, жаманчылык, оорчулук, кырсык. *Козголтпостон чунакты, Кокуйга башын салайын* («Эр Табылды»).

3. Болбогон, начар. *Кокуй киши экенсиң. Кокуй неме турбайбы!*

◆ **Кокуй күн!** *к.* **күн.**

ҚОКУЙЛА *этиш.* 1. Жаны кейүү, азап тартуу. *Тиши ооруп, түндөтөн бери кокуйлап жаткан келин бая гана жаны жай алып, уйкуга кетти* («Ала-Тоо»).

2. Өкүнүү, арманда калуу. *Кийин кокуйлап, алаканды шак коюп отурбайлы* (Байтемиров).

3. «Кокуй-кокуй!» деп кыйкыруу. *Жаны ачыган абышка кокуйлап кыйкырып жатты* (Байтемиров).

ҚОКУЙЛАТ кокуйла этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОКУЙЛОО кокуйла этишинин кыймыл атоочу.

ҚОКУРАЙ кекирей менен бирдей.

ҚОКУС *такт.* 1. Байкоосуз, мезгилсиз, күтпөгөн жерден. *Кокус ката жибердим, Мындан кийин жаңылбайм* (Осмонкул).

2. Майып, зыян. — *Эч жериң кокус болгон жокпу? — деп,* [*Гүлжан*] *күлүп койду* (Байтемиров).

3. Эгер. *Кокус сизден пионерлер келгин куштар кайда кыштайт деп сурашса, ушуну айтыңыз* (Сыдыкбеков).

ҚОКУСТА *этиш.* Кырсыктоо, зыяндоо, жаман ишке дуушар болуу. *Белим кокустап* калды.

ҚОКУСТАН *такт* 1. Байкоосуздан, күтпөгөн жерден, мезгилсиз, учкурсуз. *Өткөн жума күнү кокустан эле Каныбекти көрүп калдым* (Жантөшев).

2. Бекеринен, курулай. *Секретардын биз менен минтип сүйлөшүп отурушу кокустан эмес* (Жантөшев).

3. Эгерде. *Кокустан келбей калсам, бул ишти өзүң бүтүрүп кой.*

ҚОКУСТАТ кокуста этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОКУСТОО кокуста этишинин кыймыл атоочу.

ҚОКУСТУК *зат.* 1. Байкоосуздук, күтпөгөндүк, мезгилсиздик, байкабай калгандык. *Бул кокустук эмес* (Сыдыкбеков).

2. Кырсык [*Чоно*]... *ар кандай кокустуктарга даяр болуп жүрүүнү ойлоду* (Каимов).

КОЛ I *зат.* 1. Адамдын эки ийнинен баштап манжаларынын учуна чейинки мүчөсү. *Барпы эки колун аркасына алып, үй ичинде ары-бери басты* (Байтемиров). [*Алымбек*].. *мээлейден колдорун чыгарды* (Сыдыкбеков).

2. Малдын алдынкы буту.

3. Беш манжа. *Беш кол тең эмес* (макал).

◆ **Кол кабыш кылуу** — жардам кылуу, көмөк көрсөтүү. *Силерге ыраазымын. Колхозго чоң кол кабыш кылдыңар* (Бейшеналиев). **Кол салуу** — 1) уурдоо, бүлдүрүү. *Ортолуктун малына кол салып, мен жинди болуптурмунбу?* (Бейшеналиев); 2) уруш ачуу, качырып кирүү. *Камап турган бул жоого Качырып кол саларбыз* (Турусбеков). **Колго салуу** — талкууга коюу, добушка са-

луу. *Колго салам. Жолдош Ормушту КПССтин мүчөлүгүнө өтсүн деген коммунисттер кол көтөрүшсүн* (Байтемиров). **Колунан көөрү төгүлгөн** *к.* **көөр. Колунан келүү** — иштей алуу, кубаты жетүү, күчү келүү. **Кол алдында болуу** — бирөөнүн бийлигинде, бирөөнүн жетекчилигинде болуу. **Кол жуун калуу** — ажырап калуу, түгөтүп, жоготуп алуу. **Ортон колдой** *к.* **ортон. Беш колдой** — таамай, так, ачык. *Бул ишти мен беш колдой эле билем* («Чалкан»). **Кол үзүү** — 1) байланышпай, катышпай калуу; ынтымагын жоготуу. *Колуңду үзбө сен менден, Үмүтүм үзбөйм мен сенден* («Манас»); 2) кол жуун калуу, ажыроо. *Малдан колду үзгөмүн* («Ала-Тоо»). **Колу кыска**—начар, жетишсиз; аргасыз, бийликсиз. **Кол байлоо** — жолтоолук, тоскоолдук кылуу; убактысын алуу, бошотпой коюу. **Колго түшүү** *к.* **түш III. Кол өнөрчү** — колу менен майда буюмдарды жасоочу уста. **Колдон чыгаруу** — 1) бүтүрүү, бир жаңсыл кылуу. *Ишти биротоло колдон чыгардык* («Жаш ленинчи»); 2) ажыроо, кол үзүп калуу. *Кайран кишини бекер колдон чыгардым* («Чалкан»). **Кол кесер** — мал сойгондо адамга берилүүчү эт. **Куру кол калуу** — эч нерсесиз калуу, куру жалак калуу. *Куру кол кала турган болдук* (Жантөшөв). **Колу түйүү** — 1) чолосу тийүү, убактысы болуу, колу бошоо; 2) уруп коюу, муштап жиберүү. **Кол жалгоо** — бирөөгө бир нерсени колу менен алып берүү. **Кол коюу** *к.* **кой. Кол кайыруу** *же* **кол көтөрүү** — көбүнчө өзүнөн улууларды чаап жиберүү, уруп коюу; жоопкылып уруп жиберүү. *Каршылаша кеткенде Кол кайырбай ким чыдар* («Манас»). **Колмо-кол** — колдон колго, накта. **Кол бала** — жашынан бирөөнүн колунда туруп калган балага же келинге айтылуучу сөз. **Киши колдуу болуу** — 1) киши колунан өлүм табуу; 2) уурдалуу. **Кол кап** — мээлей. **Кол жоолук** *к.* **жоолук. Кол башындай** — кичинекей, аз. *Кол башындай ак баштык, Ал Төштүккө чак баштык* («Эр Төштүк»). **Колу бошоо** — колу тийүү (1-мааниси менен бирдей). **Колунда жок** — жетишсиз, начар, оокатсыз. *Энебиз жесир, колунда жок* (Сыдыкбеков). *Адилетсиз турмуш-ай, Өз колунда жок болсо Бечаралык ушундай* (Токтогул). **Колунда бар** — жетиштүү, оокаттуу, колу жетиштүү.

КОЛ II *зат.* Кишилерден турган согуштук күч, аскер, кошуун. *Жаракчуу кол курсалсын, аба* (Турусбеков).

КОЛБА *зат.* Химиялык лабораторияларда колдонулуучу шар же конус формасындагы узун моюндуу айнек идиш.

КОЛБАСА *зат.* Ичегиге салынып же сыртынан жука кабыкча менен капталып, чучук формасында даярдалган эт азыгы.

КОЛБОР *зат.* Бүркүттү кармоо үчүн жасалган тор.

КОЛДО *этиш.* **1.** Жактоо, кубаттоо. *Эл кызылдарды колдоп жатат* (Жантөшев). *Олуя жакынын колдойт* (макал).

2. Кол менен, колду катыштыруу аркылуу. *Эки колдоп баласын Көкөлөтө көтөрдү* (Аалы).

КОЛДОГОЙ *сын.* Долдогой, калдагай, эби-сыны жок, колдойгон. [*Жолойдун*].. *колдогой тулкусу ийкемдүү кыймылга келип, көздөрү күлүндөп, ички сезими сыртынан көрүнүп тургансыйт.* (Каимов).

КОЛДОЙ *этиш.* Калбыюу, долдоюу, эбисыны жок болуп кожоюу. *Кайыккан Сабира колдойгон ээгин араң кыбыраткан* (Сыдыкбеков).

КОЛДОЙТ колдой этишинин аркылуу мамилеси.

КОЛДОН *этиш.* Пайдалануу, жетекчиликке алуу. *Агрономдук эреже Келиндер толук колдонгон* (Осмонкул). *Эмгектин тери сергиди Машинаны колдонуп* (Бөкөнбаев).

◆ **КОЛДОНМО** *зат.* Көрсөтмө, колдонуу үчүн чыгарылган эреже.

КОЛДОНУЛ колдон этишинин туюк мамилеси.

КОЛДОНУУ колдон этишинин кыймыл атоочу.

КОЛДОО колдо этишинин кыймыл атоочу.

КОЛДООЧУ *зат.* Жактоочу, кубаттоочу, болушуучу.

КОЛДОШ колдо этишинин кош мамилеси.

КОЛДОЮУ колдой этишинин кыймыл атоочу.

КОЛДУР *сын.* Ачык эмес жоон үн. *Ашымдын колдур доошу тып гана басылды* («Ала-Тоо»). *Мустафа бир аз колдур сүйлөгөн тыгырчык бойлуу.. жигит* (Сасыкбаев).

КОЛДУРА *этиш.* Колдур-колдур этүү, үнү жоон чыгуу.

КОЛДУРАТ колдура этишинин аркылуу мамилеси.

КОЛДУРОО колдура этишинин кыймыл атоочу.

КОЛДУУ *сын.* Аскерлүү, кошуундуу, аскери көп.

КОЛКО I *зат.* Кекиртектин өпкө менен туташкан жери. *Адамзаттын жан борбору эт жүрөк, Жай алары өпкө, колко, көкүрөк* (Акаев). [*Бычакты*].. *карышкырдын колкосуна матырып алам, — деп сүйлөдү Алымкул* (Абдукаримов).

КОЛКО II *зат.* Бирөөнүн бергенине, кылган жардамына, жакшылыгына карата көрсөтүлгөн сый, акы. *Колкосун кийин берем. Колкоңуз.. менин мойнумда болсун* («САЖИ»).

КОЛКОЛО I *этиш.* Колкодон алуу, колкодон кармоо.

КОЛКОЛО II *этиш.* Колко кылуу.

КОЛКОЛОО колколо этиштеринин кыймыл атоочу.

КОЛКОЛУУ I *сын.* Колкосу бар, колкосу менен. *Короолуу киши кой сойсо, Колколуу жүрөк колунда* («Эр Табылды»).

КОЛКОЛУУ II *сын.* Убада кылынган колкосу бар, жөн эмес. *Колколуу бол.*

КОЛЛЕГИЯ *зат.* Белгилүү бир мекеменин тийиштүү кызматкерлеринен бириккен административдик, буйрук же кеңеш берүүчүлүк органын түзүүчү топ.

Министерствонун коллегиясы. Редакциялык коллегия. Адвокаттар коллегиясы.

КОЛЛЕКТИВ *зат.* Иши жана жалпы кызыкчылыгы жагынан биргелешкен адамдардын тобу. *Эмне келмек бир адамдын колунан, Күч бирдикте, коллективде, билиниз* (Осмонкул).

КОЛЛЕКТИВДЕШ *этиш.* Коллективге биригүү, колхоздошуу.

КОЛЛЕКТИВДЕШТИР **коллективдеш** этишинин аркылуу мамилеси.

КОЛЛЕКТИВДЕШТИРҮҮ **коллективдештир** этишинин кыймыл атоочу.

КОЛЛЕКТИВДЕШҮҮ **коллективдеш** этишинин кыймыл атоочу.

КОЛЛЕКТИВДҮҮ *сын.* Коллектив менен, чогуу, коллективдин жалпы катышуусу менен.

КОЛЛЕКТИВИЗАЦИЯ **коллективдештирүү** менен бирдей.

КОЛЛЕКЦИОНЕР *зат.* Коллекция чогултуучу, жыюучу.

КОЛЛЕКЦИЯ *зат.* Бир өңчөй нерселердин белгилүү системага келтирилген жыйнагы. *Почта маркаларынын коллекциясы. Эски монеталардын коллекциясы.*

КОЛЛЕКЦИЯЛА *этиш.* Коллекция үчүн жыюу, коллекцияга келтирүү.

КОЛЛЕКЦИЯЛОО **коллекцияла** этишинин кыймыл атоочу.

КОЛО I *зат.* Жездин калай ж. б. кошуп эритилген түрү. *Чарыкчы толтосу коло, учтуу бычакты алып курчутту* (Сасыкбаев). *Шарип анын.. колунан коло шакекти көрүп калды* (Бейшеналиев).

КОЛО II *зат. диал.* Жоон жыгач, кыска устун. *Көчөнүн боюнда кыйылып жаткан бир коло терекке минип.. төрт бала ойноп турат* (Сыдыкбеков).

КОЛОГОЙ *сын.* Колдогой, эби-сыны жок колдогой. *Бурул ушул .. кологой баланын мүнөзүнө жана олдоксон сүйлөгөнүнө кызыгуучу* (Каимов).

КОЛОК: колок-колок этүү — 1) эби-сыны жок олдоксон жүрүү, басуу; 2) бош, бекер жүрүү, иш кылбоо.

КОЛОКТО *этиш.* Колок-колок этүү; иш кылбоо, бекер жүрүү.

КОЛОКТОО **колокто** этишинин кыймыл атоочу.

КОЛОЛО *этиш.* Коло менен чайкоо, нерсенин бетин, сыртын коло менен кооздоо.

КОЛОЛОО **кололо** этишинин кыймыл атоочу.

КОЛОЛУУ *сын.* Коло менен капталган, коло менен кооздолгон.

КОЛОМТО *зат.* Боз үйдүн от жагылып казан асыла турган жери. *Каныбек.. коломтодогу кызарып жаткан чокту көзөп-көзөп алды* (Жантөшев). *Асылкан коломтону карап, ойлонгонсуп калды* (Элебаев).

КОЛОНИАЛИЗМ *зат.* Саясий жана экономикалык жактан толук баш ийдирүү саясаты, экономикалык жагынан начар өнүккөн өлкөнү империалисттик державалар тарабынан колонияга айландыруу саясаты.

КОЛОНИЗАТОР *зат.* Колониядагы эмгекчи массаны эзүүчү, кул кылуучу жана алардын жериндеги бардык байлыкты күч менен ээлеп алуучу эксплуататор.

КОЛОНИЗАЦИЯ *зат.* 1. Башка бирөөлөрдүн жерин, өлкөсүн басып алуу, аны зордук, күч менен колонияга айлантуу.

2. Бош жерлерге, өз жеринен тышкары жактарга көчүп барып орношуучулук.

КОЛОНИЯ *зат.* 1. Империалисттик мамлекет тарабынан күч менен басылып алынган жана эксплуатацияланган өлкө.

2. Түрлүү себептерге, максаттарга (дарылоо, түзөтүү ж. б.) карата ыйгарылып топтолгон адамдардын туруучу жайы. *Дудуктар колониясы. Балдар колониясы.*

КОЛОНИЯЛЫК *сын.* Колонияга таандык.

КОЛОННА *зат.* 1. *архит.* Имараттардын таштан, цементтен ж. б. материалдардан жасалган бийик тиреөчтөрү.

2. Адамдардын же башка нерселердин бир нече катар болуп жана биринин аркасынан бири тизилип чубалган узун тизмеги. *Физкультурниктер колоннасы. Танкылар колоннасы.*

КОЛОҢ I: койчу-колоң *к.* **койчу I.**

КОЛОҢ II: колоң чач — узун чач.

КОЛОҢДО **колокто** менен бирдей.

КОЛОҢСО *зат.* 1. Колтук терининн жыты; тердин коңурсуган жыты.

2. Аттын эки тизесинен өйдөрөөк, ички тарабынан орун алган бармак басымдай карты. *Кар аттын колоңсосунан жаады.*

КОЛОҢСОЛУУ *сын.* Колоңсосу бар.

КОЛОТ *зат.* Эки жагы бийик, көтөрүңкү узун кокту. *Кетип бара жатканыбыз бир узун колот* (Бөкөнбаев). *Мисте, жаңгак колоттордо ийилген, Жел жүргөндө мөндүргө окшоп күбүлгөн* (Осмонкул).

КОЛТОЙ *этиш.* Жоон, чоң болуп көрүнүү, сезилүү. *Колтойгон жоон кол.*

КОЛТОҢДО *этиш.* Эби-сыны жок, олдоксон кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу.

КОЛТУК *зат.* 1. Колдун ийин менен туташкан астыңкы бети, капталдын үстүңкү бөлүгү. *Алым оң колтугунан кармай калды* (Жантөшев).

2. *өт.* Кысык, бурч, түп. [*Паровоз*].. *бийик жылганын колтугуна кирип токтоду* (Сасыкбаев). *Шарип сүрүшүп отуруп, деканаттын колтугундагы дубалда илинген витринага жакындады* (Бейшеналиев).

◆ **Колтук ачуу** — сыр билдирүү, сыр алдыруу. *Бир ооздуу болгула, тыш келгендерге колтук ачпагыла* (Убукеев). *Намысы болсо жигиттин, жоого колтук ачабы* («Манас»). **Колтугуна суу бүркүү** — көкүтүү, бирөөгө каршы шилтеп коюу. *Алардын [кожоюндардын] колтугуна суу бүркүп.. большевиктерге бычагын курчутуп жаткандар — Бугимов өңдүү бузукулар* (Сасыкбаев). **Такыр колтук** — колтуктун башы. *Такыр колтук, өпкө деп, Конокбай кылыч салды дейт* («Эр Төштүк»). **Бир колтук** — бир кол менен капталга кыса колтукталган нерсенин өлчөмү. *Сайкатка чыккан балдар.. бир колтук ыш-*

кынды.. көтөрүп келишкен (Сыдыкбеков). **Коюн-колтук алышуу** — 1) күрөшкөндө бир колду экинчи кишинин колунун астынан, бирөөнү сыртынан өткөрүп, белден же курдан алып кармоо; 2) достошуу, жакын, ысык болушуу.

КОЛТУКТА *этиш.* 1. Колтуктан алып сүйөө, жөлөө. *Шарип менен Самар аттан түшүп.. чоң атаны колтуктап алышты* (Бейшеналиев).

2. Колтукка бир нерсени кысып алуу. *Керимакун чепкенин колтуктап сыртка.. жөнөдү* (Жантөшев).

КОЛТУКТАТ колтукта этишинин аркылуу мамилеси.

КОЛТУКТАШ колтукта этишинин кош мамилеси.

КОЛТУРМАЧ *зат.* Айырмачтын эки жагындагы жыгачы.

КОЛТУКТОО колтукта этишинин кыймыл атоочу.

КОЛУКТУ *зат.* 1. Кайындуу, күйөө боло турган жигити бар кыз.

2. Жаш келин, жаш аял. *Ал аял Осиптин.. колуктусу экен* (Сасыкбаев).

КОЛХОЗ *зат.* Коллективдүү чарба (негизги өндүрүш каражаттарын коомдоштырууга негизделип, айыл чарбачылыгын биргелешип жүргүзүү, өнүктүрүү үчүн коллективдешкен эмгекчи дыйкандардын социалисттик формадагы өндүрүштүк бирикмеси); колхоз мүчөлөрүнүн жалпы тобу, коллективи.

КОЛХОЗДОШ *этиш.* Коллективдүү чарбага өтүү, коллективдешүү, колхозго айлануу, колхозго биригүү.

КОЛХОЗДОШТУР колхоздош этишинин аркылуу мамилеси.

КОЛХОЗДОШУУ колхоздош этишинин кыймыл атоочу.

КОЛХОЗЧУ *зат.* Колхоздун мүчөсү, колхоздо эмгек кылган киши. *Өзүбүз сиздей эле колхозчубуз* (Сыдыкбеков). *Берекелүү эмгекке Бүт колхозчу умтулган* (Барпы).

КОЛЧОЙ *этиш.* Эби-сыны жок чоң болуу (бут кийим жөнүндө). [*Мен*].. *колчойгон чокоюм менен эшиктин алдына барып отурдум* (Элебаев).

КОЛЧОЙДО *этиш.* Колчойгон, эбисыны жок чоң бут кийим кийип кыймылдоо.

КОМ *зат.* 1. Төөгө жүк артуу үчүн өркөчүнө, белине орой таңылган кабаткабат кийиз же башка калың нерселер, чом. *Төөлөргө жүк жүктөлбөйт ком болбосо* (Барпы).

2. Үйдүн, төөнүн абдан семиргенде пайда болгон жон майы. *Төө семирип ком алган, Ком алганда чоң алган* (Тоголок Молдо). *Ком алып абдан семирген Үйлары жатат жыла албай* (Маликов).

◆ **Ком жыгач** — төөнү комдогондо эки капталына тартуучу жыгач.

КОМАНДА *зат.* 1. Командирдин белгиленген формадагы кыскача берилген оозеки буйругу, приказы. — *Тизмеде аты окулбагандар.. кайта беришсин!* — *деп команда берди* (Сыдыкбеков).

2. Белгилүү бир согуш бөлүгүнүн начальниктик, командованиелик иши. *Командаңы кабыл алуу. Командаңы өз колуна өткөрүү.*

3. Согуштук бөлүктүн өзгөчө тобу же белгилүү максатка ылайык убактылуу топтолгон кичинекей бөлүкчө. *Чалгынчылар командасы. Пулемётчиктер командасы.*

4. Кеменин өздүк составы, экипажы.

5. Капитаны бар (капитаны жетекчилик кылган) спорттук коллектив. *Футболдук команда. Баскетболисттер командасы.*

6. Белгилүү тапшырма боюнча иш жүргүзүүчү адамдардын тобу. *Өрт өчүргүч команда.*

КОМАНДАЧЫ *зат.* Ири аскердик бирикменин начальниги. *Армиянын командачысы. Башкы командачы.*

КОМАНДИР *зат.* Аскер бөлүгүнүн башчысы. *Панфилов командирлер менен кеңешме өткөрүп жатты* (Сасыкбаев). *Көргөн окуясын баштан аяк командири Иван Безруковго айтып берди* (Сыдыкбеков).

КОМАНДИРОВКА *зат.* 1. Туруктуу иш жайынан тышкары жактарга барып аткарууга, орундатууга туура келүүчү кызмат жагынан берилген тапшырма.

2. Ушундай тапшырма боюнча бир жакка (тышкары жактарга) чыгуу. *Командировкасын көздөп жүрүп кетти* (Сыдыкбеков). *Командировкага барууга макул болду* (Каимов).

КОМБАЙН *зат.* Бир канча машиналардын жумушун бир убакта аткаруучу ар түрлүү татаал машиналардын наамы. *Эгин комбайны. Картошка казып, жыйноочу комбайн. Жүгөрү оруп, жыйноочу комбайн. Көмүр казуучу комбайн.*

КОМБАЙНЕР комбайнчы менен бирдей.

КОМБАЙНЧЫ *зат.* Айыл чарбасында комбайн айдоочу, жүргүзүүчү, комбайнер.

КОМБАТ *зат.* 1. Батальондун командири.

2. Батареянын командири.

КОМБИНАТ *зат.* Технологиялык процесс жагынан бири-бирине байланышуу ишканаларды бириктирген чоң өнөр жай ишканасы же технологиялык жагынан бири-бири менен байланышпаган ишканалардын, өнөр жайлардын бир тармагынын административдик бирикмеси.

КОМБИНЕЗОН *зат.* Курткасы менен шымы бирге кошулуп тигилген жумушчулар кийүүчү костюм.

КОМДО *этиш.* Комун үстүнө салып төөнү жүк артууга даярдоо, белендөө.

КОМДОЛ комдо этишинин туюк мамилеси.

КОМДОЛУУ *сын.* Комдолгон, жүк артууга даярдалган.. *Төө комдолуу, жүктү арта койгула.*

КОМДОН *этиш.* Эки астынкы бутун секире тургандай келтирип, арткы буттарын денесинин астына жыйрып бир нерсени качырууга камданган абалда болуу (ит же жырткыч айбандар жөнүндө). *Ку-*

рөң тайган комдоно жатты (Сыдыкбеков). *Окжетпес Аскардын жанына келип комдоно калды* (Сыдыкбеков). *Илбирси турат илеги, Жолборсу турат комдонуп* («Манас»).

КОМДОНУУ комдон этишинин кыймыл атоочу.

КОМДОО комдо этишинин кыймыл атоочу.

КОМДОТ комдо этишинин аркылуу мамилеси.

КОМДОШ комдо этишинин кош мамилеси.

КОМЕДИЯ *зат.* 1. Күлкүлүү, тамашалуу же сатиралык сюжеттеги драмалык чыгарма.

2. *өт.* Кызык, күлкүлүү окуя.

КОМЕНДАНТ *зат.* 1. Крепосттун, ар кандай согуштук чептердин бардык аскерлеринин начальниги.

2. Гарнизондук жана кароолдук кызматка көз салуу, аскер кызматындагылардын коомдук жайларда тартип сакташын ж. б. текшерип туруу иштерин жүргүзүүчү аскер начальниги. *Шаардын коменданты. Гарнизондун коменданты.*

3. Жол катнашында аскерлердин, башка согуш кызматкерлеринин жана согуштук жүктөрдүн туура жөнөтүлүп турушуна көз салуучу, тейлөөчү адам.

4. Жатаканалардын, мекемеге таандык үйлөрдүн башкаруучусу. *Жатакананын коменданты.*

КОМЕНДАТУРА *зат.* Комендант башкарган мекеме (коменданттын 2-маанисинде), ошондой эле ушул мекеме жайгашкан үй.

КОМИК *зат.* Күлкүлүү ролду аткаруучу актёр, куудул.

КОМИНТЕРН *зат.* Коммунисттик интернационал.

КОМИССАР *зат.* Коомдук-саясий, административдик ж. б. функциядагы өкмөт тарабынан берилген полномочиеси бар кызматкер.

КОМИССАРИАТ *зат.* Комиссар башчылык кылган мекеме. *Шаардык согуш комиссариаты. Райондук согуш комиссариаты.*

КОМИССИЯ *зат.* Белгилүү бир маселени, иштн текшерүү, аныктоо, кабыл алуу, жактыруу ж. б. иштер боюнча тийиштүү мекеменин, уюмдун алдында түзүлгөн бир канча адамдардын тобу. *Бүткөн жолду өткөрүп алуучу комиссия да келатат* (Сасыкбаев). *Кеңеш менен ылгоочу Комиссия курулду* (Тоголок Молдо).

КОМИТЕТ *зат.* 1. Белгилүү бир ишке жетекчилик кылып турган шайлануучу орган. *Партиянын шаардык комитети. Комсомол комитети.*

2. Белгилүү бир функциялары бар мамлекеттик башкаруу органы.

КОММЕНТАРИЙ *зат.* Кандайдыр бир тексттин түшүндүрүүсү.

КОММЕНТАТОР *зат.* Бир нерсени түшүндүрүүчү, түшүнүк берүүчү, чечмелөөчү.

КОММУНА *зат.* 1. Мүлктү жана эмгекти коомдоштурууга, ортолоштурууга негизделип, чогуу жашоо үчүн баш кошкон адамдар коллективи. *Эмгек коммунасы. Артель менен коммуна дүркүрөп турган чак* (Элебаев).

2. Бир катар мамлекеттердеги административдик-территориялык единица.

◆ **Париж коммунасы** — дүйнөдө биринчи жолу пролетариат диктатурасын орнотууга аракеттенип көтөрүлүшкө чыккан Париждеги эмгекчи массанын 1871-жылдагы революциялык өкмөтү.

КОММУНАР *зат.* 1. Париж коммунасынын катышуучусу.

2. Коммунанын мүчөсү (1-маанисинде).

КОММУНИЗМ *зат.* 1. Өндүрүш каражаттарын коомдоштурууга негизделген, социалисттик революция, пролетариат диктатурасын орнотуу жана эксплуататорлук таптарды жоюу аркылуу келип чыккан жана эки фазалуу өнүгүүгө ээ болгон эң жогорку коомдук-экономикалык формация; коммунисттик формациянын биринчи фазасынан — социализмден өзгөчөлөнүп, «Ар кимдин жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге — керектөөсүнө жараша» — деген принципке өтүп, өнүгүүнүн эң жогорку, экинчи фазасына жеткен тапсыз коом. *Совет элинин азыркы муундары коммунизм мезгилинде жашайт* («КПССтин Программасы»).

2. Коомдун өнүгүшүнүн объективдүү закондорун билүү, үйрөнүү негизинде пролетардык революциянын жана коммунисттик коомду куруунун Маркс, Энгельс, Ленин тарабынан түзүлгөн илимий теориясы жана тактикасы.

◆ **Согуш коммунизми** — согуш убагындагы кыйынчылыктарга чарбачылык бүлүнгө байланыштуу келип чыккан 1918 — 1920-жылдагы граждандык согуш мезгилиндеги Совет бийлигинин экономикалык саясаты. **Илимий коммунизм — коммунизм** менен бирдей (2-маанисинде).

КОММУНИСТ *зат.* Коммунисттик партиянын мүчөсү.

КОММУНИСТТИК *сын.* 1. Коммунистке таандык.

2. Коммунизмдин принциптерине негизделген. *Коммунисттик коом.*

3. Коммунизмдин идеяларына берилген, сугарылган, ал идеяларды жетекчиликке алган. *Коммунисттик партия. Коммунисттик тарбия.*

КОММУТАТОР *зат.* 1. Электр тогун жиберүү, токтотуу жана аның багытын өзгөртүү үчүн колдонула турган прибор.

2. Телефон линияларын байланыштыра турган атайын техникалык жабдуу.

КОММЮНИКЕ *зат.* Эл аралык маанини бар маселелер боюнча өкмөттүк официалдуу билдирүү.

КОМНАТА *зат.* Үйдүн бөлмөсү. *Асемдеп жакшы салынган Алты комната тамы бар* (Осмонкул).

КОМНАТАЛУУ *сын.* Комнатасы бар, бөлмөлүү. *Төрт комналуу үй.*

КОМОД *зат.* Суурма ящиктери бар жапыз шкаф.

КОМПАНИЯ *зат.* 1. Бирге болуп убакыт өткөрүүгө, бирге көңүл ачууга чогулган же бир тилекте, бир максатта болушкан адамдардын тобу. — *Компанияга кошулууңузду сураймын* (Сыдыкбеков). *Мени өзүңөрдүн компанияңарга кошуп алгыла* (Абдумомунов).

2. Капиталисттик соода же өнөр жай шериктиги.

КОМПАРТИЯ *зат.* Коммунисттик партия. *Жашасын баарын жеңген компартия! Жашасын ал жасаган революция!* (Үмөталиев).

КОМПАС *зат.* Ар дайым түндүктү көрсөтүп турган магниттүү стрелкасы бар, багыттарды аныктоо үчүн колдонулуучу прибор.

КОМПЛЕКС *зат.* Нерселердин, кубулуштардын, окуялардын ж. б. жыйындысы, айкалышы.

КОМПЛЕКТ *зат.* 1. Жалпы жыйындысы өзүнчө бир бүтүндү түзүп турган нерселердин тобу, жыйнагы.

2. Штат, эреже боюнча талап кылынган кызматка, окууга ж. б. кабыл алынган, өткөрүлгөн адамдардын белгилүү саны. *Кабыл алынган окуучулардын комплектиси.*

КОМПОЗИТОР *зат.* Музыкалык чыгармаларды түзүүчү. *Токтогул улуу акын гана болбостон, улуу композитор да болгон* (Бөкөнбаев).

КОМПОЗИЦИЯ *зат.* Искусствонун, адабий чыгарманын курулушу, жайгаштырылышы жана анын бөлүктөрүнүн байланышы.

КОМПОЙ *этиш.* Көтөрүлүү, бой көтөрүү. — *Бардык ишти кеңешип иштейбиз!— деп, Берди компоюп сакалын сылады* (Жантөшев). *Баягы Асан эмес, кадимки тракторист..,—деп компоё турган* (Баялинов).

КОМПОТ *зат.* Кант кошуп жаңы же көбүнчө кургатылган жемиштен сууга кайнатылган тамак; ушундай тамакты жасоо үчүн кургатылган жемиштердин кошундусу, аралашмасы. *Мен азыраак компоттун суусун ичтим* (Жантөшев).

КОМПОЮУ компой этишинин кыймыл атоочу.

КОМПРЕСС *зат.* Сууга же дарылуу составга салынып, дарылоо максатында ооруган жерге коюлуп таңылуучу таңгыч.

КОМСОМОЛ *зат.* 1. Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу.

2. *сүйл.* Комсомолец. *Мен комсомол алга өсүп бараткан* (Аалы). *Бул ишке.. комсомол, пионерлерге чейин катышсын* (Сыдыкбеков).

КОМСОМОЛДУК *сын.* Комсомолго таандык.

КОМСОМОЛЕЦ *зат.* Комсомолдун мүчөсү. *Мындан аз күн илгери комсомолецтер Шекерди секретарлыкка шайлаган* (Убукеев).

КОМСОМОЛКА *зат.* Комсомолго мүчө болгон кыз, аял. *Ишти кылган маанилүү Комсомолка кыздарың* (Турусбеков).

КОМСОО *сын.* Жөнөкөй, көрксүз, серт. *Үчөөнүн көзүнө чатырлар комсоо учурады* (Бейшеналиев). *Комсоо кийим.*

КОМСОРГ *зат.* Баштапкы комсомол уюмунун же комсомолдук группанын жетекчиси. *Өзү комсорг, азамат келин* (Сыдыкбеков).

КОМУЗ *зат.* Жыгачтан чабылган үч кылдуу улуттук музыкалык аспап, чертмек. *Тилге жолдош, үнгө дем, Комузду чертип ырдайлы* (Үсөнбаев). *Улгүлүү ырдап берүүгө, Үч кылдуу комуз колумда* (Осмонкул).

◆ **Темир комуз** — ичке темирден бир жак учун туюк, жазы, экинчи жагын кууш кылып ийип жасаган, оозго салып, ортосундагы тилин сөөмөй менен кагып, көмөкөй аркылуу күүгө келтире турган улуттук музыкалык аспап.

КОМУЗЧУ *зат.* Комузду жакшы черткен, комуз билген адам. *Комузчу, ырчыларды ээрчип, комуз да үйрөндүм* (Аалы). *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев).

КОН *этиш.* 1. Үчуп жүрүп жерге, даракка ж. б. отуруу, орун алуу, келип түшүү. *Өлөңдүү жерде саз болот, Өлчөмү менен дайрага Өрдөк менен каз конот* (Токтогул). *Юрий Гагарин* 1961-*жылы* 12-*апрелде «Восток» корабль-спутниги менен космоско дүйнөдө биринчи жолу учуп, жер шарын айланып чыкты да, кайра аман-эсен келип конду* («Жаш ленинчи»).

2. Көчүп барып конуш алуу, бир жайга орношуу. *Эгинге жакын конолук, Эпкин менен оролук* (Осмонкул). *Көчүруп келип айылды Каз катарлап конуп ал* («Эр Табылды»).

3. Түнөө. *Жете албай Күрмөнтүгө конуп калдык* (Осмонов).

4. Алчы же таа туруу (чүкө жөнүндө).

5. *өт.* Жетүү, ээ болуу. *Бактысы башка конуптур* («Эр Табылды»). *Ырыс, таалай, бак конуп, Жыргап жаткан биздин эл* (Осмонкул).

◆ **Атка конуу** — атыгуу, аталуу. *Сыналып айдай жарык эмгегинен Ардактап эл айтуучу атка консо* (Маликов). *Шашма деген атка кондук* («Чалкан»). **Ара конуу**—жолго бир түнөө, бир түнөп жетүү. *Керимахун ара конуп келип калды* (Жантөшев).

КОНВЕЙЕР *зат.* Иштелип жаткан бөлүктү, материалды колдон колго өткөрүү, жылдыруу же жүктү транспортко салуу үчүн токтоосуз жылып туруучу техникалык жабдуу. *Ар бир тигүүчү.. өз участогунда конвейерге үлгүрүп иштеши зарыл* (Сасыкбаев).

◆ **Жашыл конвейер** — малга жайлата чыктуу, көк тоют өндүрүп туруунун иштелип чыккан пландуу системасы. *Колхоздо жайкы мезгилде тоют менен камсыз кыла турган жашыл конвейер түзүлө баштады* («Коммунист»).

КОНВЕРТ *зат.* Бир жакка жиберилүүчү же сакталуучу кагаз, документ, кат ж. б. салуу үчүн кагаздан бүктөлүп жасалган төрт бурчтуу пакет. *Келин конвертти жыртты да, бир барак кагазды ичинен суурып чыкты* («Ала-Тоо»). *Чаргын.. ачык*

конвертти алып столго таштады (Сыдыкбеков).

КОНГРЕСС *зат.* 1. Составы кеңири кеңешме, съезд (көбүнчө эл аралык). *Тынчтыкты жактоочулардын бүткүл дүйнөлүк конгресси.*

2. АКШда жана Латин Америкасынын көпчүлүк өлкөлөрүндө закон чыгаруучу органдын (парламенттин) наамы.

КОНДИТЕР *зат.* Кондитердик азыктарды жасоо жагынан адис.

КОНДИТЕРДИК *зат.* Таттуу тамактарды чыгарууга же аларды сатууга таандык.

КОНДУКТОР *зат.* 1. Поезддe бирге жүрүп, анын тууралыгын, коопсуздугун байкап жана анын ичиндеги жүктөрдүн сакталышын көзөмөлдөп жүрүүчү темир жол транспортунун кызматкери.

2. Трамвайда, троллейбуста, автобуста жүрүп, жүргүнчүлөргө билет сатып жана алардын түшүшүнө, чыгышына көз салуучу транспорт кызматкери.

КОНДУР кон этишинин аркылуу мамилеси.

КОНКУРЕНТ *зат.* Бирөө менен конкуренция жасоочу.

КОНКУРЕНЦИЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир майданда эң жогорку жетишкендиктерге ээ болуу, жетүү үчүн болгон эрегишүүчүлүк, тең тайлашуучулук.

2. Жеке товар өндүрүүчүлөр ортосундагы товарларды өндүрүүнүн жана сатуунун эң пайдалуу шарттары үчүн болгон күрөш; капитализм шартында эң жогорку кирешени камсыз кылуу үчүн болгон капиталисттердин ортосундагы күрөш.

КОНКУРС *зат.* Катышуучулардын ичинен татыктуу, толук баалуу болгондорун аныктоого мүмкүндүк берген мелдеш.

КОНОК I *зат.* Сый-сыпат көрсөтүү, күтүү үчүн чакырылган же жөнүнчө келип сый көрүүчү адам, мейман жана ага көрсөтүлгөн сый. — *О, байбиче, конок келди, шырдак салгыла* (Байтемиров). *Жапардын жолдошторун конокко чакырдык* (Жантөшев). *Коногуна кой союу. Конок кылуу.*

◆ **Конок үй** — коноктор келип түшүүгө, конууга арналган үй, мейманкана. **Конок алуу** — ашта, тойдо алыстан чакырылгандарды кондуруп конок кылуу, кондуруп узатуу. *Малдуулар ашка келгендерди күтүүгө, конок алууга камынышты* (Бөкөнбаев). **Кудайы конок** — жолоочулап, жол жүрүп баратып кез келген жерине түнөп, конуп кетүүчү конок. — *Ким? — деди. — Кудайы конокпуз* (Бөкөнбаев). **Сөзгө конок берүү** *к. сөз.*

КОНОК II *зат.* 1. Тaруу сыяктуу майда дандуу кара эгин. *Конок айдалган ойдуңдан калың уйду түрө айдаган эки атчан чыкты* (Бейшеналиев).

2. *диал.* Жүгөрү.

КОНОКТО *этиш.* Конок кылуу, сыйлоо, меймандоо. *Ал Апендини жакшылап коноктоду* («Жомоктор»).

КОНОКТОО конокто этишинин кыймыл атоочу.

КОНОЛГО *зат.* Түнөк, конуучу, түнөөчү жер. *Конолголуу куш элем Конолгомо жеткиче Кокуй күндү не салдың* («Эр Табылды»).

КОНОЛГОЛУУ *сын.* Конууга, түнөөгө, конуп жатууга ылайыктуу, конолгосу бар. *Жүргүнчүлөр конолголуу жерден өтүп кетишпесин, биз аттаналы* (Жантөшев).

КОНСЕРВА *зат.* Атайы жолдор менен (кайнатуу, туздоо ж. б.) даярдалып, бузулбай тургандай кылып темир же айнек банкага бекитилип сакталган азык. *Жемиш консерваларын өндүрүү тездик менен өнүктүрүлөт* («Коммунист»). *Соня.. сухарь, консерваларды окопко ыргытышты* (Баялинов).

КОНСЕРВАТИВДҮҮ *сын.* Ар кандай жаңылыктарга каршы чыгуучу, эскини жактоочу, прогресске каршы. *Консервативдүү адам. Консервативдүү көз караш.*

КОНСЕРВАТИЗМ *зат.* Ар кандай эскиликти жактоочулук, жаңыны тануучулук.

КОНСЕРВАТОР *зат.* 1. Эскини жактап, консервативдүү көз карашта болгон адам.

2. Буржуазиянын реакциячыл консервативдүү саясий партиясынын мүчөсү; реакционер.

КОНСЕРВАТОРИЯ *зат.* Музыкалык жогорку окуу жайы.

КОНСОНАНТИЗМ *зат.* Белгилүү бир тилдин үнсүздөр системасы.

КОНСПЕКТ *зат.* Кандайдыр бир чыгарманын, лекциянын, сүйлөгөн сөздүн ж. б. кагаз бетине түшүрүлгөн кыскача мазмуну.

КОНСТИТУЦИЯ *зат.* Белгилүү бир мамлекеттин коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүн, шайлоо системасын, мамлекеттик органдардын иштерин, уюштуруу принциптерин, граждандардын негизги укуктары менен милдеттерин белгилөөчү, аныктап көрсөтүүчү негизги закон. *СССРдин Конституциясы.*

КОНСТРУКТОР *зат.* 1. Кандайдыр бир техникалык нерсени конструкциялоочу же анын конструкциясын түзүүчү адис.

2. Балдар ар кандай нерселерди жасап ойноочу деталдардын, бөлүктөрдүн жыйындысы.

КОНСТРУКЦИЯ *зат.* 1. Механизмдин, машинанын курулуштун ж. б. жалпы структурасы, планы, бөлүктөрүнүн өз ара жайланышы. *Самолёттун жаңы конструкциясы. Көпүрөнүк конструкциясы.*

2. Сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышы, тизмектелиши. *Синтаксистик конструкция.*

КОНСТРУКЦИЯЛА *этиш.* **Бир нерсенин конструкциясын түзүү, конструкция кылуу.**

КОНСТРУКЦИЯЛОО конструкцияла этишинин кыймыл атоочу.

КОНСУЛ *зат.* Башка бир мамлекеттин шаарында же белгилүү бир пунктунда туруп өз мамлекетинин жана граждандарынын кызыкчылыгын, мүдөөсүн жактоочу кызмат адамы.

КОНСУЛЬСТВО *зат.* Башка бир мамлекеттин шаарында же белгилүү бир пунктунда экинчи бир мамлекеттин консул башчылык кылып турган өкүлдүгү жана ошол өкүлдүк жайгашкан үй.

КОНСУЛЬТАНТ *зат.* Өзүнүн адистиги боюнча башкаларга консультация берип туруучу адам.

КОНСУЛЬТАЦИЯ 1. Белгилүү бир маселе боюнча адис адамдардын берген кеңеши.

2. Практикалык айрым маселелер боюнча адистер аркылуу жардам, кеңеш берип туруучу атайын мекеме. *Балдар консультациясы. Аялдар консультациясы. Юриспруденциялык консультация.*

3. Окуучуга мугалимдин түшүндүрүү иретинде берген жардамы жана ушундай жардам үчүн атайы уюштурулган сабак, окуу.

КОНТАКТ *зат.* 1. Тийишүү, тыгыз байланыш.

2. *тех.* Электр тогун биринен экинчисине өткөрүп турган эки сымдын байланышы жана алардын байланышкан, кошулган жери.

КОНТЕЙНЕР *зат.* Жүктү ташуу үчүн ылайыкталган тара (кузов).

КОНТЕКСТ *зат.* Текстгин маани жагынан тыянактуу бөлүгү.

КОНТИНГЕНТ *зат.* 1. Кызматы, турмушу ж. б. белгилери боюнча белгилүү жалпылыгы бар же бирдей категорияга жаткан адамдардын тобу. [*Эл*].. *каттоочу кадрлардын негизги контингентин түзгөн мугалимдер* («Коммунист»). *Окуучулар контингенти.*

2. Белгилүү максатка ылайык коюлган кандайдыр бир нерсенин чектелген, андан ары ашырылбай турган өлчөмү, нормасы. *Курулуш материалдарынын контингенти. Көмүрдүн экспорттук контингенти.*

КОНТИНЕНТ *зат.* Кургактыктын бардык жагынан деңиздер жана океандар менен курчалган чоң бөлүгү, материк.

КОНТИНЕНТАЛДЫК *континентке* таандык.

◆ **Континенталдык климат** — деңизден ыраак турган жерлердин кургак, жайы ысык, кышы суук болуп мүнөздөлө турган климаты.

КОНТОРА *зат.* Ишканалардын, мекемелердин административдик-канцелярдык бөлүмдөрүнүн (көбүнчө чарба, финансалык жактан) же болбосо өз алдынча айрым мекемелердин жалпы наамы жана орношкон жайы. *Байланыш конторасы. Колхоз правлениесинин конторасы.*

КОНТРАБАНДА *зат.* 1. Пошлина төлөөгө туура келген же болбосо такыр тыюу салынган товарларды, ар кандай баалуу нерселерди мамлекеттик чек арадан жашырын өткөрүп жиберүү, ташып чыгуу.

2. Жашырын алып өтүлгөн товар.

КОНТРАБАНДАЛЫК *сын.* Контрабандага таандык.

КОНТРАБАНДИСТ *зат.* Контрабандалык кылуучу адам.

КОНТР-АДМИРАЛ *зат.* Согуштук биринчи (кенже) адмиралдык наам жана ошол наамды алган адам.

КОНТРАКТ *зат.* Өз ара милдеттенип, эки тараптын ортосунда кат түрүндө түзүлгөн договор, келишим.

КОНТРАКТАЦИЯ *зат.* Тийиштүү нерсени белгилүү шартка, мөөнөткө ылайык алуу же андан пайдаланууу үчүн контракт түзүү.

КОНТРАМАРКА *зат.* Театрга, концертке, циркке ж. б. кирүү үчүн билет ордуна бериле турган карточка, талон.

КОНТРАТАКА *зат.* Коргонууда жаткан аскерлердин душмандын атакасын кайтаруу максатында ага каршы атакага чыгышы же өздөрү чабуулга өтүшү.

КОНТРОЛДО *этиш.* Контролго алуу, контроль жүргүзүү, текшерүү.

КОНТРОЛДОО *контролдо* этишинин кыймыл атоочу.

КОНТРОЛЁР *зат.* Бир нерсени контролго алуучу, контролдоочу, текшерүүчү.

КОНТРОЛЬ *зат.* 1. Текшерүү максатында байкоо жүргүзүү.

2. Кимдир бирөөнүн ишин контроль кылуучу, текшерүүчү мекеме. *Мамлекеттик контроль.*

3. Текшерүүчү. *Эшик алдына контроль коюу.*

КОНТРРАЗВЕДКА *зат.* Душмандын агентуралык разведкасына, шпионажына, диверсиясына каршы күрөшүүчү уюм.

КОНТРРАЗВЕДЧИК *зат.* Контрразведка кызматчысы.

КОНТРРЕВОЛЮЦИОНЕР *зат.* Контрреволюцияга катышуучу, аны жактоочу.

КОНТРРЕВОЛЮЦИЯ *зат.* Өз бийлигин сактап калуу үчүн өнүгүп бараткан революцияга же мурдагы тартипти кайрадан орнотуу үчүн жеңип чыккан революцияга каршы эксплуататордук таптардын күрөшү.

КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЛЫК *сын.* Контрреволюцияга таандык.

КОНТРРЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ *зат.* Революцияга каршы күрөшүүчү, контрреволюцияга катышуучу, аны жактоочу.

КОНТУР *зат.* 1. Нерсенин сырткы сөлөкөтү, сырткы көрүнүшү.

2. Электр өткөргүч сымдардын бирбирине туташтырылышы.

КОНУС *зат.* Түз жактуу үч бурчтуктун өзүнүн катетинин тегерегинде айлануудан пайда болгон геометриялык тело.

КОНУУ *кон* этишинин кыймыл атоочу.

КОНУШ *зат.* Эл келип коно турган, көчтү түшүрүп жай алдыра турган жер. *Конуш тандап Арпадан Коргон-Таштын жайладык* (Осмонкул). *Беш-алты киши конуш түзөп жатат* (Жантөшев).

◆ **Ата конуш** *к.* **ата I.**

КОНУШТАШ *сын.* Конушу бирге, айылдаш.

КОНФЕРАНС *зат.* Эстрадалык оюн, концерт программасынын көрсөтүлүп жаткан номерлеринин арасында берилүүчү түрлүү тамаша, шоок жана анын тексти.

КОНФЕРАНСЬЕ *зат.* Эстрадалык оюн, концерт программасынын номерлерин кулактандырып жана ошол номерлердин арасында көрүүчүлөрдүн алдына тамаша, шоок (конферанс) менен чыгып туруучу артист.

КОНФЕРЕНЦ-ЗАЛ *зат.* Салтанаттуу чогулуштар, конференциялар өткөрүлүүчү зал. *Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын конференц-залы.*

КОНФЕРЕНЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир маселелерди талкуулоо, чечүү үчүн мамлекеттик, илимий, коомдук, партиялык жана башка уюмдардын өкүлдөрүнүн жыйналышы, кеңешмеси.

КОНФЕТА *зат.* Кант кошуп, түрдүү формага салып даярдаган кондитер азыктарынын бир түрү. *Ал яслидеги бөбөгүнө конфета алып бараткан болчу* (Каимов).

КОНФИСКАЦИЯ *зат.* Акчаны, мүлктү ж. б. зордоо, аргасыз кылуу аркылуу акысыз, экинчи кайтарылбас кылып мамлекеттик менчикке алуу, өткөрүү.

КОНФИСКАЦИЯЛА *этиш.* Конфискация кылуу, акчаны, мүлктү ж. б. конфискация жолу менен мамлекеттик менчикке өткөрүү.

КОНФИСКАЦИЯЛОО **конфискацияла** этишинин кыймыл атоочу.

КОНЦЕРТ *зат.* 1. Музыкалык чыгармаларды, ырларды, балеттик, эстрадалык ж. б. номерлерди белгилүү программа боюнча көпчүлүккө аткарып берүү, көрсөтүү.

2. Оркестрдин коштоосу менен жалгыз инструмент аркылуу аткарылуучу музыкалык ири чыгарма.

КОНЧ *зат.* Бут кийимдин апкыттан өйдөкү бөлүгү. *Каныбек өтүгүнүн кончун тартып койду* (Жантөшев).

◆ **Эки бутун бир кончуна киргизүү** — абдан кыйынчылыкка дуушар кылуу, шорун катыруу, кыйноо, айласын кетирүү.

КОНЧТУУ *сын.* Кончу узун, кончу бар. *Кончтуу кара өтүк. Кончтуу ботинка.*

КОНЬКИ *зат.* Бутка байлап алуучу же бут кийимге бекитилген муз тебүү үчүн ылайыкталып жасалган кырдуу темир. *Буттарына ар бири Коньки байлап алышты* (Осмонкул).

КОНЬЯК *зат.* Жүзүм виносунан тартылган жана көпкө сактап күчүнө келтирилген спирттүү ичкилик.

КОҢ *зат.* Сан эт.

КОҢГУРОО *зат.* 1. Металлдан конус сыяктуу формада жасалып, ичинде термелип кагып туруучу тили бар, шыңгыраган дабыш чыгаруучу буюм.

2. Үн сигналын берүүчү атайын жасалган прибор. *Электр коңгуроосу. Эшик коңгуроосу.*

КОҢГУРООЛУУ *сын.* Коңгуроосу бар, коңгуроо тагылган.

КОҢКОЙ *этиш.* Чоң, эби-сыны, келишими жок болуп көрүнүү, каңкаюу. *Омор берендей коңкоюп Сабыр жакка бурулду* (Сыдыкбеков).

КОҢКОЮУ **коңкой** этишинин кыймыл атоочу.

КОҢТОР *этиш.* Каңтаруу, оодаруу. *Коңторо чаап майдалап, Катуу жерин эриткен* (Осмонкул).

КОҢТОРТ **коңтор** этишинин аркылуу мамилеси.

КОҢТОРУЛ **коңтор** этишинин туюк мамилеси.

КОҢТОРУШ **коңтор** этишинин кош мамилеси.

КОҢТОРУУ **коңтор** этишинин кыймыл атоочу.

КОҢУЗ *зат.* Канатынын сырты катуу кабыкча менен капталган курт-кумурскалар түрүнө кирүүчү майда жандык. *Дубалдын түбүндө майда коңуздар жайнап, аларга өмүр эшиги жаңы ачылгандай жабырашат* (Сыдыкбеков).

КОҢУЛ *зат.* Бир нерсенин астындагы, боорундагы көңдөйчө, кобул. *Ал таштын коңулуна барып отуруп калды* (Аалы).

КОҢУЛДА *этиш.* Жалгыз калуу, жалгызсыроо, ээнсирөө. [*Күмуштун*] *бир нерсеси жетпей жаткандай коңулдап турду* (Байтемиров).

КОҢУЛТАК *сын.* Чулгоосуз, байпаксыз. *Галошун коңултак кийип, Күмүш тышка чыкты* (Жантөшев).

КОҢУР *сын.* 1. Кара күрөң түс. *Койчунун коңур күрөңүн Токутуп Жакып миниптир* («Манас»).

2. Салкын, муздак. *Аба коңур тартты* (Баялинов). *Коңур күздө Керимкул да кечкурун айылга түштү* («Ала-Тоо»).

3. *өт.* Жоош, салмактуу, бир мүнөз. *Дүйшөнкул жаш кезинен эле коңур, жоош, бирөөгө жамандык ойлобогон жигит эле* (Бөкөнбаев).

◆ **Коңур үн** — ичке эмес, жоон эмес орто үн. *Сатардын коңур үнү бирде көтөрүңкү, бирде басыңкы чыгып, ал бир нерсени түшүндүрүп жаткансыды* (Таштемиров). **Коңур кургак** — кичине ымдалышкан, сууланган, чала кургак. *Сууга коңур кургак кылып умачталган шактан Сагын ар койго бир чыныдан салды* (Жантөшев). **Коңур мырза** — бүркүттүн бир түрү. **Коңур чечен** — угумдуу, жакшы сүйлөгөн чечен.

КОҢУРСУ *этиш.* Сасык, куйкум, күйүк жыттануу, каңырсуу. *Ырас эле мурдума коңурсуган бир жыт келет* (Баялинов). *Бомба жарылгансып дарынын күйкум жыты коңурсуп, мурдумду жарды* (Сасыкаев).

КОҢУРСУТ **коңурсу** этишинин аркылуу мамилеси.

КОҢУРСУУ **коңурсу** этишинин кыймыл атоочу.

КОҢУРУК *зат.* Уктап жатканда коркор этип чыккан дабыш. *Сасыкбай коңурукту кере тартып уктап жатат* (Байтемиров). *Татыбектин коңуругу кулактын кужурун алды* (Байтемиров).

КОҢШУ *зат.* Айлы, үйү, турган жери

бири-бирине кошуна. *Кечээ коңшу колхоздо кызыктуу лекция окулду* (Бейшеналиев). *Сабитахунга ал коңшу туруучу* (Баялинов).

◆ **Коңшу-колоң** — бир айылда же бири-бирине жакын, кошуна жашаган адамдар. *Коңшу-колоңдор, жакын туугандар үйгө толду* («Ала-Тоо»).

КОҢШУЛАШ *сын.* Бири-бирине коңшу, айылдаш, кошуналаш. *Бул айылдагылар гана эмес, коңшулаш айылдагылардын бардыгы келишти* (Бөкөнбаев). *Көп убакыт өтпөй коңшулаш аялдар чогулушту* (Жантөшев).

КОО *зат.* 1. Аң, эки жагы бийик, ортосу чуңкур ой жер; кокту. *Алды жагын караса Аңырайган бийик коо* («Курманбек»). *Таанылбайсың, Ала-Тоо, Өзгөргөнсүң терең коо* (Турусбеков).

2. Малга жем, туз берүү же суу алып өтүү үчүн жумуру жыгачтан оюп же тактайдан жасалган аштоо, ноо. *Жумуру жыгачтан кош коо жасалган* (Жантөшев). *Карагайдан коо кылып, Таза туздан салдырып* (Тоголок Молдо).

КООГА *зат.* Чыр-чатак, уруш-талаш. *Айлына коога салбай көчө берсин* (Аалы). *Күндө коога, күндө уруш, Көрбөдүм жандын жыргалын* (Токтогул).

КООГАЛАҢ коога менен бирдей.

КООГАЛДУУ *сын.* Чыр-чатактуу, уруш-талаштуу, жоболондуу. *Киши сөөктөрүн көргөндөн бери буларды кандайдыр бир коогалуу ой чырмап келатты* (Абдукаримов). *Начальнигим өзүн салмактуу кармагандыктан, андай коогалуу сөздөрдү оозанганым жок* («Чалкан»).

КООДУРА *этиш.* Куудуроо, куудураптуруу.

КООЗ *сын.* Көркөм, сонун, келишимдүү, көрктүү. *Көл бойлото апийим бар жайнаган, Гүлү кооз кыздар сайган саймадан* (Осмонкул).

◆ **Кооз адабият — көркөм адабият** менен бирдей. **Кооз бүлүү** — мойну кейкейип, туура бурула албай калуу, ооруксунуу. *Кайдан келдиң, балам — деп, кооз болгон адамча бурулуп Алымга карады* (Жантөшев):

КООЗДО *этиш.* Түрлөө, көркөмдөө, кооз кылуу, сонундоо.

КООЗДОЛ кооздо этишинин туюк мамилеси.

КООЗДОН кооздо этишинин өздүк мамилеси.

КООЗДОН кооздо этишинин кыймыл атоочу.

КООЗДОТ кооздо этишинин аркылуу мамилеси.

КООЗДОШ кооздо этишинин кош мамилеси.

КООЗДУК *зат.* Сулуулук, көрктүүлүк, келишимдүүлүк. *Тоолуу жараты-ыштын укмуштуу кооздугуна Ниязкулдун кумары канчу эмес* (Абдумомунов).

КООК *зат. тар.* Кыйноо үчүн башка кийгизгенде башты кысып тургандай кылып териден жасалган каптама, кептеп коймо, жаргак. *Башына коок кийгизип, Эсенканга баралык* («Манас»).

КООЛА *этиш.* Бийик болуп, дүркүрөп өсүп кетүү (өсүмдүктөр жөнүндө). [*Көчөнүн*] *айлана тегерегин коолаган алабата, уйгак басып, алардын арасында аркандалган музоолор жүрүүчү* (Айтматов). *Коолап чыккан шибер* (Сыдыкбеков).

КООЛДО *этиш.* Ээн көрүнүү, ээн сезилүү, ачык, бош сезилүү.

КООЛУ *зат. эс.* Токтом, чечим. *Сөз токтолду, коолу кабыл алынды* (Аалы). *Азырынча Ташкентте калсын деген коолу болду* («Эркин тоо»).

КООМ 1. Адамдардын материалдык турмуштагы конкреттүү-тарыхый шарттар аркылуу биригишкен, бирге болгон тобу. *Адамзат коому.*

2. Белгилүү доордогу тарыхый-экономикалык түзүлүш жана анын өзүнө ылайык келген надстройкасы. *Капиталисттик коом. Социалисттик коом. Коммунисттик коом.*

3. Теги, социалдык абалы, кызыкчылыгы ж. б. жактары боюнча белгилүү жалпылыкта болгон адамдар чөйрөсү. *Дворяндар коому. Ак сөөктөр коому.*

4. Иши, алдыга койгон милдеттери боюнча чогуу болгон адамдар бирикмеси; мекеме. *Спорттук коомдор. Акционердик коом. Саясий жана илимий билимдерди жайылтуу боюнча Бүткүл Союздук коом.*

КООМАЙ *сын.* Четтеген, жакындабаган, окчун. *Кексе-карт жорулар.. коомай кыймылдары менен айланасын карап сактанган болушат* (Аалы).

КООМАЙЛА *этиш.* Коомай абалга келтирүү, жакындабоо, четтөө, кошулбоо. *Коомайлап коюу. Керим балдарга кошула албай коомайлап турат.*

КООМАЙЛАН коомайла этишинин өздүк мамилеси.

КООМАЙЛАТ коомайла этишинин аркылуу мамилеси.

КООМАЙЛОО коомайла этишинин кыймыл атоочу.

КООМДОШ *этиш.* Коомго биригүү, биргелешүү, ортолошуу. *Колхоз, совхоз мал өстүрдү, Коомдошуп, биргелешип* (Осмонкул). *Короого баккын жылуулап, Коомдошкон малыңды* (Осмонкул).

КООМДОШТУР коомдош этишинин аркылуу мамилеси.

КООМДОШТУРУУ коомдоштур этишинин кыймыл атоочу.

КООМДОШУУ коомдош этишинин кыймыл атоочу.

КООМДУК *сын.* Коомго таандык. *Коомдук мүлк. Коомдук иштер.*

КООМЧУЛУК *зат.* Коомдогу эл, көпчүлүк. *Коомчулуктун иши.*

КООН *зат.* Ашкабак түркүмүнө кирүүчү ири мөмөлүү бакча өсүмдүгү жана анын тоголок же сүйүрөөк келген ширелүү, жумшак эттүү мөмөсү. *Тордомо коон. Сары коон.*

◆ **Коон үзмөй — балдардын кыймылдуу оюндарынын бир түрү.**

КООП *зат.* Коркунуч, шек. *Балапан эч нерседен коп санабай, көлгө улам чум-*

күп, канат-башын каккылап таранат (Жантөшев).

КООПЕРАТИВ *зат.* 1. Кооперация (2-маанисинде).

2. сүйл. Кооперативдик магазин.

КООПЕРАТИВДИК *сын.* Кооперативге таандык.

КООПЕРАЦИЯ *зат.* 1. Көпчүлүктүн бир же өз ара байланышы болгон бир канча эмгек процесстеринде биргелешип иштеши үчүн түзүлгөн эмгек уюмунун өзгөчө формасы.

2. Мүчө болуп киргендердин — пайциктердин каражаты менен түзүлгөн массалык өндүрүштүк, соода ж. б. бирикме. *Керек-жарак кооперациясы. Инвалиддер кооперациясы.*

3. *сүйл.* Кооперативдик магазин (дүкөн), кооператив.

КООПСУЗ *сын.* Коркунучсуз, шексиз.

КООПСУЗДУК *зат.* Коркунучсуздук, шек санабастык, шектүү эместик. *Биз, большевиктер, өндүрүштүн кооспуздугу.. үчүн да күрөшөбүз* (Сасыкбаев).

КООПСУН *этиш.* Шектенүү, коркуу, чочулоо. *Курман кечиккенде булар эмнегедир кооспуна баштайт* («Ала-Тоо»).

КООПСУНУУ кооспун этишинин кыймыл атоочу.

КООПТОН *этиш.* Коркуу, чочулоо, шек саноо. *Бегайымдын катынан улам, Каныбек кооптонду* (Жантөшев). *Миң башы.. кооптонуп улам үезддик начальниктерге барып келип турду* (Абдукаримов).

КООПТОНУУ кооптон этишинин кыймыл атоочу.

КООПТУУ *сын.* Коркунучтуу, шектүү. *Бүгүнкү күн биз үчүн эң кооптуу* (Аалы).

КООРСУЗ *сын.* Каксыз, таза, толук. *Оорусу коорсуз айыкты.*

КООШ *этиш.* Жакындашуу. [*Шарип*] *жаңы үйдөгүлөргө да коошо албады* (Бейшеналиев). *Койчу, коошпогон кепти* («Советтик Кыргызстан»). *Керимдин шектенүүсү Сатике дегенден улам чындыкка коошкондой* («Чалкан»).

КОПИЯ *зат.* Көчүрмө. *Ал арыздан копия көчүрүлбөй калган эле* («САЖИ»). *Гулайга жазган каттарынын копияларын издеди* (Аалы).

КОПО *зат.* Өлөң, өлөң чөп. *Кара кыяк, копосу, Уйдун жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

КОПОЛ *сын.* Олдоксон, эби жок. *Арыбери жүрүшүң, отуруп-турушуң копол* (Жантөшев).

КОПУЛДА *этиш.* Тынчсыздануу, бушайман болуу, тынчы кетүү, санааркоо. *Алыс болгондуктан самолётторду ажырата албай.. биз копулдай баштадык* («Кыргызстан аялдары»).

КОПШО *этиш.* 1. Бошотуу, козголтуу, кыймылдатуу, жылдыруу. *Толкуса тоголотот ташты копшоп* (Аалы).

2. *өт.* Жылмалоо, сулуулоо, тегиздөө. [*Акман*] *кетменинин сабын тегиздеп копшоду* (Сыдыкбеков).

КОПШОЛ копшо этишинин туюк мамилеси.

КОПШОО копшо этишинин кыймыл атоочу.

КОПШОТ копшо этишинин аркылуу мамилеси.

КОПШУ копшо менен бирдей.

КОР I *зат.* Очоктогу, от жаккан жердеги чок аралаш ысык күл. [*Дмитрий*] *чычаладай кызарып кордо жаткан сом темирди.. двигүгө коёт* (Сыдыкбеков).

КОР II *сын.* Кем, кемчил; азап, шор. *Далайларды кор кылып, Зарланткансың замана* (Токтогул). *Бай-манапка кор болуп, Жалдануучу күн эмес* (Осмонкул).

КОР III: кор этүү *же* **кор-кор этүү** — уктаганда же жанталашып кыйналганда кыркыроо, коркураган үн чыгаруу. *Кор этип уйкуга кетти. Пак козголду кор-кор этип чала жан* (Аалы).

КОРБАШЫ *зат.* 1. *тар.* Кокон хандыгындагы жергиликтүү полициянын башчысы. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген корбашы* (Токтогул).

2. Басмачылар шайкасынын жетекчиси, уюштуруучусу. *Иштин түбү Мамат корбашыдан, — деп энем дагы ыйлады* (Жантөшев). *Өзүңүз билесиз, ал азыр басмачылардын корбашысы. Анын үстүнө атамды да ала кетти* («Ала-Тоо»).

КОРГО *этиш.* Сактоо, башка бирөөгө кол салдырбоо, тийгизбөө, аман алып калуу. *Элин коргоп душмандан, Жогого каршы чабышса* (Жантөшев). *Башчылык кылып партия, Калкын жоодон коргоду* (Осмонкул).

КОРГОЛ *зат.* Кой, эчки, төө сыяктуу жаныбарлардын кумалагы. *Чоңдугу төөнүн корголундай* (Сасыкбаев). *Корголум, кыгым жакшы отун, Бооруңду кактап отурсаң* (Осмонкул).

◆ **Тогуз коргол** — эки жагында тогуздан уясы бар, ар бир уяга тогуздан кумалак (таш) салынып, эки киши ойной турган улуттук оюн. *Тогуз коргол ойносоң тактап ойно, Алды-артыңды сактап ойно* (Жантөшев).

КОРГОЛО *этиш.* 1. Далдалануу, жашырынуу, бекинүү. *Мырзалы бир таштын түбүнө корголоп, жамгырдын басылышын күттү* (Канмов).

2. *өт.* Жардам издөө; колдоо, таяныч издөө. *Көзүмө кара жаш алып, Көбүңө келдим корголоп* (Токтогул).

КОРГОЛОО корголо этишинин кыймыл атоочу.

КОРГОЛОТ корголо этишинин аркылуу мамилеси.

КОРГОН I *зат.* 1. Огородду, короожайды айландыра курчаган тосмо, дубал. *Жүздөгөн ак-бууралыктар Болот миңбашынын коргонун курчап турган эле* (Жантөшев).

2. Короо. *Таптаза чоң коргондон Төрт түлүк мал чубурду* (Барпы). *Коргонуңду бошотуп, Жылкыңды алды басмачы* (Барпы).

3. Коргонуу үчүн курулган сепил, чеп. *Коргон бузган тартынбай, Жоосу качкан батынбай* (Үмөталиев). *Жок болду жоо коргону, Дайым түткөн, чыдаган* (Үмөталиев).

4. *өт.* Сакчы, тирек, коргоочу. *Айланада жооң көп, Элге коргон болгула* (Токтогул). *Алтымыш жайсаң, кырк дөвсү, Коргон болуп Жолойго* («Манас»).

КОРГОН II корго этишинин өздүк мамилеси.

КОРГОО корго этишинин кыймыл атоочу.

КОРГОШ корго этишинин кош мамилеси.

КОРГОШУН *зат.* Салмагы оор, жумшак, оңой эритиле турган кара көк түстөгү металл.

◆ **Уу коргошун** — уулуу өсүмдүктүн аты.

КОРДО I *зат. диал.* Айран катыкталып, күрүчтөн жасалган сорпо же күрүч көжө.

◆ **Таш кордо** — жаңы союлган койдун, эчкинин, кийиктердин өзүнүн карынына же көөдөнүнө салып туюктап, катуу ысытылган майда таштарга, корго көөмп бышырылган эт. *Силерге таш кордо бышырып берейин деп, мергенчи сулап жаткан текени союуга камынды* (Жантөшев).

КОРДО II *этиш.* Кемсинтүү, шылдыңдоо, ызалоо. *Жабыгып жүргөн жигитти, Жакырсың деп кордобо* (Токтогул). *Эр болсоң кордогонго төрикпегин, Кур алдап мактаганга жээликпегин* (Маликов). *Тишти кордосоң, сөзгө зыян* (макал).

КОРДО III *этиш.* Колго даярдалган ачкылды (көбүнчө бозону) күчүнө келгиче кармап, улам жаңыртып, көрөңгөсүн көбейтүп отуруп ачытуу. *Кордоп бозо салдыруу.*

КОРДОЛ кордо этиштеринин туюк мамилеси.

КОРДОЛУУ *вын.* Кордолгон (бозо ж. б. ачкыл тамак жөнүндө). *Кордолуу бозо.*

КОРДОО кордо этиштеринин кыймыл атоочу.

КОРДОТ кордо этиштеринин аркылуу мамилеси.

КОРДУК *зат.* Азап, түйшүк; ыза. *Сактыкка кордук жок* (макал). *Жазылып жарпы жадырап, Кордуктан кедей ажырап* («Жазгыч акындар»). *Бир жетимдин чеккен азап-кордугун Элестетип көз алдыман өткөрөм* (Бөкөнбаев).

КОРДУКТА *этиш.* Кордук көрсөтүү, азапка салуу; ызалоо, кемсинтүү. *Баатырлык кылып, кордуктап, Мойнуна чылбыр салганда* («Эр Табылды»).

КОРДУКТУУ *сын.* Азаптуу, түйшүктүү; ызалуу, шордуу. *Кутулуп келдим күнөөдөн, Колго түшүп жүдөгөн, Кордуктуунун бири мен* (Токтогул).

КОРЖОГОЙ *сын.* Сөөк-саактуу арык жана бою узун.

КОРЖОЙ *этиш.* 1. Каркыюу, каржаюу, коржогой көрүнүштө болуу.

2. Бой көтөрүү; менменсинүү, тоң моюндук кылуу, тондоосундук кылуу. *Коржоюп турган чиркинди Колкого тартып калды эми* («Семетей»).

КОРЖОҢДО *этиш.* Коржогой кебетеси менен эпсиз, олдоксон кыймылдоо. *Копо ажы коюн кайтарып, Колуңа тийсе бир эчки, Коржоңдоп качтың сен неге* (Токтогул).

КОРЖОҢДОО коржоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОРЖОЮУ коржой этишинин кыймыл атоочу.

КОРЗИНА *зат.* Чырпыктан, камыштан ж. б. нерселерден согулуп жасалган идиш, себет, чабыра.

КОРИДОР *зат.* Үйдүн ички бөлмөлөрүн кошуучу, адам өтүүгө, жүрүүгө ылайыкталган узун, кууш жай. *Ремесллук окуу жайынан келген балдар, кыздар.. коридорду кыдырышып.. диаграммаларды карап жүрүштү* (Сасыкбаев).

КОРИФЕЙ *зат.* 1. Байыркы грек трагедиясындагы хор жетекчиси.

2. *өт.* Илимдин, искусствонун, адабияттын ж. б. эң көрүнүктүү, артыкча белгилүү ишмери, чебери. *Илимдин корифейи. Адабият менен искусствонун корифейлери.*

КОРК I *этиш.* Чочуу, үрөйү учуу, коркоктук сезим пайда болуу. *Коркконго кош көрүнөт* (макал). *Корккондон жүрөк жарылбайт, сүйүнгөндөн маңдай айрылбайт* (макал).

КОРК II: корк этүү *же* **корк-корк этүү** — чочконун коркулдап дабыш чыгаруусу, чочконун дабышы сыяктуу үн чыгаруу.

КОРКОГОЙ *сын.* Бою, мойну узун, арык, ичке. *Коркогой киши.*

КОРКОЙ *этиш.* Сороюп бийик, узун болуп көрүнүү. *Караса мылтыгы коркоюп турат* (Байтемиров).

КОРКОК *сын.* Жүрөгү жок, кайратсыз, тартынчаак, коркунчаак. *Жолдош болбо коркокко, Жүк артпагын торпокко, Иш кылдырба чоркокко* (Токтогул). *Көз коркок, кол баатыр* (макал).

◆ **Коркок билиш** — кандайдыр бир айбымды чыгарып коёбу деп чочулаган абал. *Кымыз ташыгандай менин сага кандай коркок билиш жайым бар* (Байтемиров).

КОРКОКТУК *зат.* Жүрөксүздүк, тартынчаактык; баатыр эместик. *Эч качан кыйындыктан кайра качпа, Өзүңдү коркоктукка бекер сатпа* (Абдыраманов). *Экинчи душманым:.. коркоктук* (Сыдыкбеков).

КОРКУЛДА *этиш.* Корк-корк этүү.

КОРКУЛДАК *сын.* 1. Корк-корк эткен, коркулдаган.

2. *өт.* Мүнөзү корс, орой.

КОРКУЛДАТ коркулда этишинин аркылуу мамилеси.

КОРКУЛДОО коркулда этишинин кыймыл атоочу.

КОРКУНУЧ *зат.* Кооптуулук, корко тургандай шарт, себеп, корккондук. *Мындан ары коркунуч жок* (Жантөшев). *Чонону кайрадан коркунуч басты* (Каимов).

КОРКУНУЧСУЗ *сын.* Корко тургандай эмес, коопсуз, тынч, коркунучтуу эмес.

КОРКУНУЧТУУ *сын.* Кооптуу, коркунучу бар. *1941-жылдын күз айлары — биздин өлкөбүз үчүн эң коркунучтуу айлар болду* (Бөкөнбаев). *Ушундай коркунучтуу жылаңач талаада ким жүрсүн* (Аалы).

КОРКУНЧААК *сын.* Жүрөксүз, тар-

тынчаак, коркок. *Кайратсыз адам коркунчаак* (Токтогул).

КОРКУРА *этиш.* Кор-кор этүү, коңурук тартуу. *Коркурап дөө жатканда, Коногбай жетип барды эми* («Эр Төштүк»).

КОРКУРАТ коркура этишинин аркылуу мамилеси.

КОРКУРОО коркура этишинин кыймыл атоочу.

КОРКУТ корк этишинин аркылуу мамилеси.

КОРКУУ корк этишинин кыймыл атоочу.

КОРО *этиш.* Коромжу болуу, түгөнө баштоо, ысырап болуу, азаюу. *Төл кошулду төлүнө Бир да бири коробой* (Үмөталиев). *Мындан ары совхоздун Мал чарбасы коробой Чечекейдей сактальсын* (Осмонкул).

КОРОГОЙ коркогой менен бирдей.

КОРОЗ *зат.* Тооктун эркеги. *Кызыл короз ээсин таныгандай кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

КОРОЗДОН *этиш.* Мактануу, жагалдануу, бой көтөрүү. *Бөрүбай молдо эки жагында отургандарга короздоно карады* (Жантөшев). *Түлкүбек короздонуп койду* (Жантөшев).

КОРОЗДОНУУ короздон этишинин кыймыл атоочу.

КОРОЙ *этиш.* Сороюу, серейүү. *Жалгыз гана ар кайсы жерде ат кулак менен балдыркандын куурайлары короюп кууранын көрөсүң* («САЖИ»).

КОРОЙТ корой этишинин аркылуу мамилеси.

КОРОЛЬ *зат.* 1. Кээ бир европалык мамлекеттердеги монарх, падыша. *Козголуп король колун жаңсай калды* (Аалы).

2. Шахмат оюнундагы эң башкы фигура.

КОРОМЖУ *зат.* Ысырап. *Жемиштердин түшүмүн коромжу кылбастан жыйноого кол кабыш кыл* («Чалкан»).

КОРОМЖУЛА *этиш.* Дайынсыз, пайдасыз жок кылуу, ысыраптоо.

КОРОМЖУЛУУ *сын.* Коромжусу көп, ысырапталган.

КОРОМЖУСУЗ *сын.* Коромжусу жок, ысырапталбаган, бекер, дайынсыз жок болбогон. *Артель.. түшүмдү жыйноо жумуштарын өз убактысында коромжусуз аяктады* («Советтик Кыргызстан»).

КОРОҢ: короң этүү *же* **короң-короң этүү**—серең-серең этүү, сороң-сороң этүү.

КОРОҢДО *этиш.* 1. Серептөө, сороңдоо, короң-короң этүү. *Найзанын учу короңдойт.*

2. Адыраңдоо, орой мамиле кылуу, орой тийүү; чоңсунуу, опурулуу. *Короңдойсуң жүрөсүң, Жоктур алың, басмачы* (Барпы). *Кедейлерди коркутуп, Короңдойсуң, бучугум* (Барпы).

КОРОҢДОО короңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОРОҢДОТ короңдо этишинин аркылуу мамилеси.

КОРОО I *зат.* 1. Коргон.

2. Огород, чарбак. *Старчындардын короо-жайлары талкаланды* (Абдукаримов).

3. Малдын (кой, эчкинин) тобу. *Бир короо кой.*

КОРОО II коро этишинин кыймыл атоочу.

КОРООЛО *этиш.* 1. Короо-жайды, огородду ж. б. тегерете курчоо, бир нерсе менен тосуу.

2. Айдын, күндүн айланасынан жарык ачык алкак пайда болуу. *Ай короолосо, аягыңды камда, күн короолосо, күрөгүңдү камда* (макал).

КОРООЛОН корооло этишинин өздүк мамилеси.

КОРООЛОШ *сын.* Коңшулаш, короолору жакын. *Колдон келсе короолош Кошунаңды сыйлагын* (Осмонкул). *Айылда канча адам бар, Короолош канча коңшу бар* («Манас»).

КОРООЛУ *зат.* Таранчылардын отрядына кирүүчү абдан кичинекей чымчык. *Куркулдай менен короолу Бурбай жечү коногу* (Тоголок Молдо). *Коркуп качса кыргыйдан Короолу кирет бургөнгө* (Үсөнбаев).

КОРООЧУ *сын.* Короого сак, короону, үйдү жакшы кайтаруучу (ит жөнүндө). *Короочу иттердин анда-санда үргөнү.. болбосо, түн тынчтыкта* (Каимов). *Коркок жигиттен короочу дөбөт жанга карал* (Сыдыкбеков).

КОРОТ коро этишинин аркылуу мамилеси.

КОРОЮУ корой этишинин кыймыл атоочу.

КОРПУС *зат.* 1. Бир жайга, аянтка тургузулган бир канча имараттын айрым бирөө; эң чоң имараттын обочолонуп турган бөлүгү. *Жыйырма жыл мурда боз үйлөр кончу жерлерге катар-катар ак корпустар түшкөн* (Шимеев). *Сарайдын бир корпусунда элүү үй турат* (Убукеев).

2. Бир канча дивизияны же бригаданы камтыган согуштук ири бирикме. *Кечикпей кирип келди бир генерал, Корпустун командири мурун көргөн* (Үмөталиев).

3. *тех.* Бир заттын сырткы кабы, кутусу. *Чөнтөк сааттын корпусу.*

4. Революцияга чейинки Россиядагы кээ бир согуштук окуу жайлардын наамы. *Кадеттик корпус.*

КОРРЕКТОР *зат.* Корректураны окуп, терүүдөн кеткен катаны түзөтүүчү басмакананын же басманын кызматкери.

КОРРЕКТУРА *зат.* 1. Басмаканада терүүдөн кеткен каталарды оңдоо, түзөтүү жумушу.

2. Ичинде болгон катасын түзөтүү үчүн кагазга басылып алынган текст.

КОРРЕСПОНДЕНТ *зат.* Газетанын, журналдын, радионун ж. б. кабарчысы, жер-жерлерден кабар жиберип туруучу кызматкери.

◆ **Мүчө-корреспондент** *к.* **мүчө 1.**

КОРРЕСПОНДЕНЦИЯ *зат.* 1. Жер-жерлерден жиберилип, газета же журналга басылып чыккан кабар.

2. Почта-телеграф аркылуу жиберилген газета, журнал, кат, телеграмма сыяктуулардын жалпы аталышы.

КОРС I *сын.* Орой, мүнөзү терс. *Жак-*

шынын сөзү корс болбойт (Токтогул). *Кире бериңиз! — деп корс унчукту* (Сыдыкбеков).

КОРС II: корс этүү *же* **корс-корс этүү** — 1) корсулдоо, корк-корк этүү (чочко жөнүндө); 2) орой мамиле кылуу, тумшугу менен бир тийүү. *Омор корс этип, булкунуп эшикке чыкты* (Сыдыкбеков). *Жийдегүл.. жай сураса жөн жоп бербей, корс этип кеткени эмнеси? — деп шагы сына түшту* (Сасыкбаев).

КОРСӨТ *зат.* 1. Көйнөктүн астынан кийилүүчү, белди кысып, сынга келтирип туруучу кеп.

2. *мед.* Арка, бел омурткалары кеселдеген, кокустаган адамдар үчүн жасалган бекем, катуу бандаж.

КОРСОЙ корчой менен бирдей.

КОРСОҢДО *этиш.* Корс-корс этип, оройлук кылуу, чоңсунуу. *Байгеге атты чабабыз, Корсоңдосо жалгыздын Башын кесип салабыз* («Эр Табылды»).

КОРСОҢДОО корсоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОРСОЮУ корсой этишинин кыймыл атоочу.

КОРСТОН *такт.* Ыраазы. *Ал өзүнүн күчтүү болгонуна корстон болгондой көтөрүлө сүйлөдү* (Аалы). *Үйдөн чыккан жигиттин бири дыйкандарга кызмат кылганына корстон* (Аалы).

КОРСУЛДА *этиш.* 1. Коркулдоо, корс-корс этүү (чочко жөнүндө). *Токойдогу доңуздар Кошо келет корсулдап, Айдаган малга кошулуп* («Манас»).

2. Орой сүйлөө, тумшугу менен бир тийүү, корс этүү. *Чакырасың келбесем, Корсулдайсың өзүмө Кошуп ырдап бербесем* (Токтогул). *— Темир байкеңден да уялбасыңбы? — деп корсулдап койду* (Сыдыкбеков).

КОРСУЛДАК *сын.* Орой, чорт, кыялы терс.

КОРСУЛДОО корсулда этишинин кыймыл атоочу.

КОРСУНТ *этиш.* Кемсинтүү, басынтуу, өзүнөн төмөн баалап мыскылдоо, шылдындоо. *«Кантейин, манап, кемсинтесиң, корсунтасың»* [*деди Казак*] (Сыдыкбеков).

КОРСУНТУУ корсунт этишинин кыймыл атоочу.

КОРТИК *зат.* Аскер-деңиз флотунун адмиралдары менен офицерлери жана аскер-аба флотунун генералдары менен офицерлери алып жүрүүчү, байлануучу кыска канжар сыяктуу курал.

КОРТО *сын.* Бою кичине, кичине бойлуу, кодоо. *Мен сүйлөйүнчү? — деди корто бою какайып.. тура калган Кайып* (Сасыкбаев). *Семиз корто тетигил Бечел окшойт акылга* (Аалы).

КОРТОГОЙ *сын.* Кортойгон, кодогой.

КОРТОҢ: кортоң-кортоң этүү—кодоң-кодоң этүү, **кодоюу, кедең-кедең этүү, кеденддөө** (кортогой киши жөнүндө).

КОРТОҢДО *этиш.* Кортоң-кортоң этүү, кодоңдоо. *Чочугансып ырдаган, Кортоңдогон немесиң* (Токтогул).

КОРТОҢДОО кортоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОРУ *этиш.* 1. Кайтаруу, коргоо, эч нерсе жолотпоо, тийгизбөө. *Эгинди таранчыдан коруду. Чымын кондурбай коруду.*

2. Аёо, кызгануу. *Жаман катын эр коруйт* (макал).

КОРУК *зат.* 1. Тосмо, кашаа, курчоо. *Жерине корук салып, бак тикти. Коруктан аттап түшкөн балдар* («САЖИ»).

2. Айдоо, эгин, чөп чабылчу аянт сыяктуу малдан кайтарылуучу жерлер. *Корукка мал жолотпой, күзгө чейин кайтарып жүрдүк* («САЖИ»).

3. Баалуу жаныбарлар жана өсүмдүктөр өстүрүлүп аларды атууга, жок кылууга, кыюуга ж. б. тыюу салынган территория.

КОРУКЧУ *зат.* Корукту сактоочу, кайтаруучу, коруй турган адам. *Капа болбоңуз, корукчу аке, бул биз!* (Жантөшев). *Андан көрө ат минип, Жер корукчу болюн* (Осмонкул).

КОРУЛДА *этиш.* 1. Кор-кор этүү. *Кан корулдап агып жатты. Корулдап уктап кетти.*

2. Дарылдоо, кор-кор эткен жоон үн менен сүйлөө. [*Жигит*] *ойлуу отурган директорго корулдаган бийик дабыш менен салам айтты* (Қанимов).

КОРУЛДАТ корулда этишинин аркылуу мамилеси.

КОРУЛДОО корулда этишинин кыймыл атоочу.

КОРУМ *зат.* Бийик беттерден, жарлуу жерлерден урап, куюлуп түшкөн тоо тектери, чоң шагыл таштар. *Секирип корум таштардан, салт атчан киши өтө албайт* (Аалы).

КОРУМДА *этиш.* Корумга көмүү, корумдун астына бастыруу. *Корумдап таштадым* (Байтемиров).

КОРУМДАТ корумда этишинин аркылуу мамилеси.

КОРУМДОО корумда этишинин кыймыл атоочу.

КОРУМДУУ *сын.* Коруму шыгыраган, көрүм таштуу. *Биз ат чалдырып отурган жер.. корумдуу борчук* (Жантөшев).

КОРУН *этиш.* Уялуу, тартынуу, басынуу. *[Итике] корунуп үйгө кире албай, көпкө чейин тышта турду* (Убукеев). *Шарип.. кыздын такыганына коруна баштады* (Бейшеналиев). *Душман келсе кашына Корунбаган Токтогул* (Барпы).

КОРУНТ корун этишинин аркылуу мамилеси.

КОРУНУУ корун этишинин кыймыл атоочу.

КОРУНЧААК *сын.* Уялчаак, тартынчаак, жалтанчаак, өткүр эмес. *Кедей аялдары.. жер карама, тунт, корунчаак, сөзгө жарды боло турган* (Убукеев).

КОРУТ I *этиш.* Корутундулоо, жыйынтыктоо, тыянактоо.

КОРУТ II кору этишинин аркылуу мамилеси.

КОРУТУНДУ *зат.* Жыйынтык, тыянак. *Врач* [*Абаздын*] *саламаттыгы дурус деген корутунду чыгарды* (Таштемиров).

КОРУТУНДУЛА *этиш.* Корутунду чыгаруу, жыйынтыктоо, тыянактоо. *Мойнуңда дагы мынча карызың калат, — деп корутундулайт* (Абдукаримов).

КОРУТУНДУЛАТ корутундула этишинин аркылуу мамилеси.

КОРУТУНДУЛОО корутундула этишинин кыймыл атоочу.

КОРУУ кору этишинин кыймыл атоочу.

КОРУШ кору этишинин кош мамилеси.

КОРЧОЙ *этиш.* Кекейүү, көтөрүлүү, менменсинүү, бой көтөрүү. *Корчоюп биздин башкарма Кол созбойт ээрдин кашына, Карыш жерге жөө жүрбөй Мингени жеңил машина* («Чалкан»).

КОРЧОҢДО *этиш.* Чоңсунуу, менменсинүү, бой көтөрүү, көтөрүлүү. *Корчоңдоду кожоюн үйрүн-түсүн бузуп* («Ала-Тоо»).

КОРЧОҢДОО корчоңдо этишинин кыймыл атоочу.

КОРЧОЮУ корчой этишинин кыймыл атоочу.

КОСЕК *зат.* Пахтанын гүлү түшкөндөн кийин пайда болуп, була чыга турган тоголок башы. *Гүлү күбүлгөндөн кийин косек чыгат* («Чалкан»). *Косектен чыккан ак була, Кучак-кучак чубалган* (Осмонкул). *Анда-санда гана ачылган косектер кылтыят* («Чалкан»).

КОСМЕТИКА *зат.* 1. Денени, беттибашты күтүү, сулуулоо багытындагы иштер, чаралар.

2. Ушундай иштерге керектүү болгон упа, бет май, эндик ж. б. заттар.

КОСМОГОНИЯ *зат.* Планеталардын жана алардын спутниктеринин, Күндүн, жылдыздардын пайда болушу жана алардын системасы жөнүндөгү маселелерди изилдөөчү астрономия бөлүмү.

КОСМОГРАФИЯ *зат.* Астрономия жана физикалык география тууралу жалпы маалымат берүүчү окуу предмети.

КОСМОДРОМ *зат.* Космостук кораблдерди учуруп турууга ылайыкталган, тийиштүү жабдуулары болгон аянтча.

КОСМОЛОГИЯ *зат.* Бүткүл дүйнө, ааламдын түзүлүшү тууралу илим.

КОСМОНАВТ *зат.* Космоско учуучу адам.

◆ **СССРдин Космонавт-учкучу** — космоско учууну ийгиликтүү аткарган космонавттарга СССР Жогорку Советинин Указы аркылуу берилүүчү ардактуу наам.

КОСМОПОЛИТ *зат.* Космополитизм саясатын жактоочу; өзүн эч кандай улутка таандык кылбаган киши.

КОСМОПОЛИТИЗМ *зат.* Улуттук өз алдынчалыкты жана улуттук суверенитетти четке кагып, ата мекенге, улуттук маданиятка кайдыгерлик менен мамиле кылууга чакыруучу жана «дүйнөлүк мамлекет», «дүйнөлүк гражданство» орнотуу идеясын көтөрүп чыгуучу реакциячыл буржуазиялык идеология.

КОСМОПОЛИТТИК *сын.* Космополитизмге таандык.

КОСМОС *зат.* Аалам, аалам мейкиндиги.

КОСМОСТУК *сын.* Космоско таандык.

КОСТЮМ *зат.* 1. Эркектердин күрмө менен шымдан, кээде желетке да кошулган, же аялдардын күрмө менен юбкадан турган сырт кийими.

2. *сүйл.* Күрмө (шым, юбкадан тышкары). *Костюмун бырышпас кылып үч бүктөп, карысына салып койгон* (Сыдыкбеков).

КОСЫНКА *зат.* Башка же моюнга салына турган үч бурчтуу кичинекей жоолук. *Мала кызыл косынканы байланган соң, Сабийра чоң эненин колунан төмүчтү алды* (Сыдыкбеков). [*Фатима*] *көгүш косынкасын бекем буунуп, эки жеңин түрүнгөн калыбында* (Сасыкбаев).

КОСЯК кашек I менен бирдей.

КОТЕЛОК *зат.* 1. Казанча, кичине казан, жан казан.

2. Талаа жерлерде аскерлер тамак кайнатып же тамак куюп иче турган сабы бар, металлдан жасалган анча чоң эмес идиш.

КОТЛЕТА *зат.* Абдан майдаланган эттен нан сыяктуу кылып тегерек же сүйрү формада бышырылган тамак.

КОТЛОВАН *зат.* Имараттын, ар кандай курулуштун фундаментин тургузуу үчүн казылган орун, чуңкур. *Котлован казып киремин, Камыкпай сууну жиредим* (Маликов).

КОТОЛО *этиш.* Опур-топур болуп чогулуу, баш-аламан топтолуу. [*Желек*] *котологон көпчүлүктүн көңүлүн бурду* (Бейшеналиев).

КОТОЛОО котоло этишинин кыймыл атоочу.

КОТОН: котон жара — сифилис.

КОТОР *этиш.* 1. Алмаштыруу, ордуна башканы коюу. *Атым баспай калганда, Ат которуп бергиле* («Курманбек»). *Айда, темин, теминим, Котор аттын кээ бирин* (Осмонов).

2. Башка жакка, орунга жиберүү, коюу, көчүрүү. *Силерди мугалимдер институтуна которолу деген ой бар* (Бейшеналиев).

3. Оодаруу. *Кийизди улам бир бетине которуп жая берди* («Ала-Тоо»).

4. Белгилүү бир тилдеги текстти, оозеки речти башка тилдин каражаты менен берүү, бир тилдегини башка тилдеги айтылышына айландыруу. *Укмуштуудай кооз мунун айткандары, Өз тилдерине которду бүткүл элдин баары* (Шүкүрбеков).

КОТОРМО *зат.* Бир тилден экинчи тилге которулган текст (же оозеки речь). *Жоомарттын чыгармаларында адабий кторможлор чоң орун алат* («Ала-Тоо»).

КОТОРМОЧУ *зат.* Бир тилден экинчи тилге которуу жагында иштеген адам; тилмеч.

КОТОРТ котор этишинин аркылуу мамилеси.

КОТОРУЛ котор этишинин түюк мамилеси.

КОТОРУУ котор этишинин кыймыл атоочу.

КОТОРУШ котор этишинин кош мамилеси.

КОТОРУШТУР *этиш.* Биринин ордуна бирин коюу, орундарын алмаштыруу; оодарыштыруу.

КОТОРУШТУРУУ **которуштур** этишинин кыймыл атоочу.

КОТУР *зат.* Бүдүр-бүдүр болуп чыккан, терини кычыштырма жугуштуу оору. *Сынма котур. Эчкц котур. Котур — колдон, жоор—жондон* (макал).

◆ **Котур ташы койнунда** — арам ойлуу, жамандык кылайын деген ниети бар. *Котур таш катып койнуңа, Сур жылан ороп мойнуңа* (Сасыкбаев). *Койнунда котур ташы бар.*

КОУХАР *туурасы*: **каухар.**

КОФЕ *зат.* 1. Данынан чай сыяктуу оокат даярдала турган тропикалык жыгач же бадал.

2. Ошол жыгачтын данынан жасалган порошок жана андан даярдалган чай сыяктуу оокат. *Үшүп кеткен жерде ичерсиң деп, өзүңүн термосуна ысык кофе куюп берди* (Абдумомунов).

КОФТА *зат.* Аялдардын кыска, жеңил кийими. [*Хордогу*] *кыздар.. ак кофта кийип алышыптыр* (Сасыкбаев).

КОЧЕГАР *зат.* Буу казандарына от жагуу ишин тейлөөчү жумушчу.

КОЧЕГАРКА *зат.* Буу казандарына от жагылып турган жай, бөлмө.

КОЧКОР *зат.* Тукумдатуучу эркек кой. *Кочкор болчу козуга Узун уяң жүн жакшы* (Осмонкул).

◆ **Кочкор мүйүз** — 1) кочкордун мүйүзү сыяктуу чыгырыкталган үлүлдүн ичи көндөй, сырты мүйүз сыяктуу катуу кабыгы 2) кочкордун мүйүзү сыяктуу кылып түшүрүлгөн оюу.

КОЧКОРОК *зат.* Жетилгенде кочкор кылуу үчүн ылайык табылган биттелбеген эркек козу. *Күйругу табактай .. кара кочкорокту кармап турат* (Сыдыкбеков).

КОЧКУЛ *сын.* Карамык тарткан кызыл, коюу кызыл. *Лениндин кочкул туусун биринчи Биздин жерге көтөрүшкөн азамат* (Аалы). [*Кумушайдын*] *бети этө бышкан алчадай кочкул боло калды* (Аалы). *Хан Бакайдан ал кетти, Башынан кочкул кан кетти* («Манас»).

КОЧУШ *зат.* Эки алаканды жанаштыра кармаган чоң ууч, кош ууч. *Бир кочуш жем. Кочушун толтуруу.*

КОЧУШТА *этиш.* Кочуш менен алуу, кочушуна салуу.

КОЧУШТАТ **кочушта** этишинин аркылуу мамилеси.

КОЧУШТОО **кочушта** этишинин кыймыл атоочу.

КОЧУШТУУ *сын.* Кочушу чоң.

КОШ I *зат.* Убактылуу бир жерге иштегенде же жол жүрүп баратканда конгон жерге тигилген кичине үй же өзүнчө бөлүнгөн топ. *Биздин коштон Султангазы, Ысак барып, көп сыйлыктар алып кайтышты* (Баялинов).

КОШ II *зат.* 1. Эки, түгөй, эки даана, жуп. *Кош ооз мылтык. Кош колдоп найза бек сайды, Кокустатам деп сайды* («Эр Табылды»). *Коркконго кош көрүнөт* (макал).

2. Соко жана сокого чегилген өгүз, ат чогуусу менен. *Жалгыз өгүз кош болбойт, Жаакташкан дос болбойт* (макал). *Күжүрмөн күчтүү дыйканга Жүрүп турган кош жакшы* (Жантөшев).

◆ **Кош чекит** *к.* **чекит. Кош сөз** —жупталып айтылган татаал сөз. **Кош бойлуу** *же* **кош кабат** — боюнда бар. **Кош көңүл** *к.* **көңүл. Кош аяк** — арткы аяктары, куйругу узун, кемирүүчүлөр отрядына кирүүчү чычкан сыяктуу жаныбар.

КОШ III *этиш.* 1. Бир нерсеге кошумча кылуу, үстүнө көбөйтүү, бириктирүү, аралаштыруу. — *О Урумкан эне, тур, уюңду кош!* (Бейшеналиев). *Кысталганда Мендиштин Акылына акыл кош* (Жантөшев). *Кара ниет адамды Катарыңа кошпогун* (Токтогул).

2. Арабага, сокого атты, өгүздү чегүү. *Араба кошуп ат айдап, Кандайсың буудай тартканга* (Осмонкул).

3. Бирөөнүн иши, кыял-жоругу, турмушу ж. б. жөнүндө жамактап айтып ырдоо, ыйлоо. *Ушуларды мен кошуп, Ырдай турган чамам бар* (Барпы). *Султаным, атам өттү деп, Үйүңдө кошуп ким калат?* (Жантөшев).

◆ **Баш кошуу** — 1) бирге болуу, чогулуу, биригүү; бир тилектеш, мамилелеш болуу, достошуу. *Баатырлары баш кошуп, Сап-сап болуп жөнөштү* («Семетей»). *Бардык туугандар баш кошуп, ынтымактуу жашап калды* («Жаш ленинчи»); 2) үйлөнүү, турмуш куруу. *Баш кошуптур жаңыдан Эки бирдей чырагым* (Жантөшев).

КОШ IV *сырд.* Койду айдоодо же бир жакка кайрууда айтылуучу сөз. *Адыр, белестерден «кош, кош!» — деп кыйырган койчулардын үнүн угасың* («Ала-Тоо»).

КОШ V *сырд.* 1. Бирөө менен коштошордо, бир жакка кайтып баратканда, айрылышарда айтылуучу сөз. — *Кош, жакшы калыңыз! — деп, Батый да Осмондун колун бекем кысты* (Сасыкбаев).

2. Бирөөгө көңүл бөлүү, сөзүн кубаттоо, макул табуу ж. б. мааниде колдонулат. *Кош,* [*Калыбай*] *сенин алты баландын бирөө да ишке жарабайт экен* (Абдукаримов). *Кош, эмне дейсиң? —деди* [*Сарыбай*] (Абдукаримов).

КОШАМАТ *зат.* Бирөөгө жагынуучулук, жасакерленгендик. *Эмдиге кошаматыңды койбойсуң* (Аалы). *Кошаматка кой союп, Күлгөнүңдү ырдадың* (Токтогул).

КОШАМАТЧЫ *зат.* Кошаматты көп айткан, кошамат кылган адам. *Карасам, келген жигит Желки кара дешчу Айдардын кошаматчысы экен* (Сыдыкбеков).

КОШАМАТЧЫЛ **кошаматчы** менен бирдей.

КОШАМАТЧЫЛЫК *зат.* Кошамат кылуучулук, көшөкөрлөнүүчүлүк.

КОШКУР *этиш.* Кошкурук атуу, кошкурук салуу. *Аманды көргөндө жылкылар бышкырып-кошкуруп үркө баштады* (Убукеев). *Жылкылар кулактарын сереңдетип, жер чапчып кошкура берди* (Убукеев).

КОШКУРУК *зат.* Жылкынын бир нерседен чочуганда, үркккөндө берген дабы-

шы, бышкырыгы. *Иса молдонун аты жалт берип, кошкурук атты* (Сасыкбаев).

ҚОШҚУРУУ кошкур этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШМО *сын.* Бирикме, тутумдашма, аралашма. *Кошмо жыйналыш. Кошмо штат. Кошмо сүйлөм.*

ҚОШО *такт.* Бирге. *Турба тим! Күч көбөйтүп кошо кир* (Турусбеков). *Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кошо кетет* (макал).

ҚОШОК I *зат.* Каза тапкан адам же күйөөгө узатылып жаткан кыз жөнүндө ый аралаш аткарылуучу ыр, жамак. *Қошок кошуу. Қошок айтуу.*

ҚОШОҚ II *зат.* Кой-эчкилердин бири-бирине тизмектелген, моюндарынан байлаштырылган тобу. *Койлор саалып, кошоктор тартылар менен, бээлер да саалып, Кулундар да агытылды* («САЖИ»). *Короо-короо кой айдап, Қошогу менен саткан көп* (Осмонкул).

ҚОШОКТО *этиш.* Бири-бирине кошто байлоо, чиркештирүү. *Койлорду кошоктоп койгула* («САЖИ»).

ҚОШОКТОО кошокто этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШОКТОТ кошокто этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОШОКЧУ *зат.* Қошокту кыйын билген, кошокту жакшы айта алган адам (көбүнчө аялдар). *Күйгөн катын — кошокчу* (макал). *Кошокчу Бурма дегенди уктунар бекен?*(Аалы).

ҚОШОМАТ кошамат менен бирдей.

ҚОШОМАТЧЫ кошаматчы менен бирдей.

ҚОШТО *этиш.* 1. Колдоо, кубаттоо, көтөрө чалуу, сүрөө. *Карабектин бул кылыгы отуранлардын бардыгына жаккандыктан, күүлдөгөн үндөрү менен коштоп жатышты* (Жантөшев). — *Ал айтканың ырас, кагылайын, — деп Анткор кайта Жапарды коштоп койду* (Баялинов).

2. Бирөөнү экинчисинин жанына кошуу, жанаштыруу, кошо ала жүрүү. *Максут бир атты минип, бирөөнү коштой салып, жар, чаптуу тоону карай уюлгутуп көтөрүлө берди* (Сасыкбаев). *Надежда Сергеевнаны коштоп Дмитрий чоң сакал да келди* (Сыдыкбеков).

ҚОШТОО кошто этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШТОТ кошто этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОШТОШ *этиш.* 1. Бир жакка жөнөөчү жана узатуучу тарабынан кош айтышуу. *Колуна болот найза алып, Коштошуп турат жарына* («Курманбек»). *Коштошуп алып кетелик Аяш атам Устага* («Эр Табылды»).

2. Биротоло токтотуу, экинчи кайрылбас, жанбас болуу. *Тамеки менен биротоло коштоштум* («Ала-Тоо»). *Бул иш менен эртең биротоло коштошуп, биротоло тыныша турган болдук* («САЖИ»).

ҚОШТОШТУР коштош этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОШТОШУУ коштош этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШУЛ I: кошул-ташыл — үстү-үстүнө, үстөкө-бостоk. *Бул тамашага кошулташыл күлкүлөр да чыкты* (Сыдыкбеков).

ҚОШУЛ II кош этишинин туюк мамилеси.

ҚОШУЛУУЧУ *зат.* 1. *мат.* Бири-бирине кошула турган сандар.

2. Жактоочу, колдоочу; бирөөнүн пикирин, оюн жактыруучу.

ҚОШУМЧА *зат.* 1. Бир нерсенин үстүнө кошулган, аны көбөйтүү, арбытуу үчүн керектелген бөлүк. *Кошумча акы. Кошумча продукт.*

2. Бирөөгө жардам катарында берилген ар кандай каражат. *Берер кошумчабызды кечиктирбейлик* (Сыдыкбеков).

◆ **Кошумча нарк** — капиталисттик коомдо жалданып иштеген жумушчулардын эмгеги аркылуу жумушчу күчүнүн наркынан ашык түзүлүп, бирок капиталисттердин өз пайдасына жумшалып кетүүчү нарк.

ҚОШУМЧАЛА *этиш.* Толуктоо, үстүнө кошуу, кошумча кылуу, кошумча кошуу. *Ал укпаганды угат, Укканына өзүнчө кошумчалап чыгат* (Шүкүрбеков). *Буга кошумчалай турган эч нерсе жок* («САЖИ»).

ҚОШУМЧАЛАТ кошумчала этишинин аркылуу мамилеси.

ҚОШУМЧАЛАШ кошумчала этишинин кош мамилеси.

ҚОШУМЧАЛОО кошумчала этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШУМЧАЛУУ *сын.* Қошумчасы бар, кошумчасы арбын, апыртмалуу.

ҚОШУНА *зат.* Бири-бирине жакын, улагалаш жашаган адамдар, коңшу. *Арам пейил кишиге Айыл конбо кошуна* (Осмонкул).

ҚОШУНДУ *зат. мат.* Қошулган сандардын суммасы.

ҚОШУУ I *зат.* Бири-бирине кошулуучу эки же бир канча сандын жалпы бирдиги канча болсо, ошончо сумма чыгаруучу математикалык амал жана ошол амалдын белгиси (+).

ҚОШУУ II кош этишинин кыймыл атоочу.

ҚОШУУН *зат.* Көп кол, аскер. *Камсыз жаткан Жаңылга Калың кошуун барышты* (Тоголок Молдо). *Жата турсун Алооке, Ыксыз кошуун жыйылып* («Манас»).

ҚОШЧУ I *зат.* Жол жүргөн адамдарды жандап, кызматын кылып жүрүүчү киши. *Жетимиш жигит кошчу алып, Кулан аттуу, бөкөн кууп, Салбырынга барыптыр* («Манас»). *Алтымыш жигит кошчу алып, Манас ууга барыптыр* («Манас»).

◆ **Ат кошчу** *к.* **ат I.**

ҚОШЧУ II *зат.* Қош айдоочу, кош айдоого катышуучу.

ҚОЮЛ *этиш.* Коюу болуу, коюу тартуу, уюу. *Кайнаса ашы коюлган, Аалам журттун баарысы Даам татып тоюнган* («Эр Төштүк»).

ҚОЮЛУУ коюл этишинин кыймыл атоочу.

ҚОЮН *зат.* 1. Адамдын көкүрөк, кол-

тук жагы, кийим менен дененин арасы. *Отунчу бөдөнөнү койнуна катып үйүнө кетиптир* (Сыдыкбеков). *Айнысахан түйүнчөктү койнуна катты* (Жантөшев).

2. Адам жаткан төшөктүн ичи. *Акылай баласын койнуна алып жатты* («Ала-Тоо»).

3. Арасы, ичи (мейкиндик, орун жөнүндө). *Суусамырдын кең коюну миллиондогон мал болсо да кенен батырчудай* (Байтемиров). *Жаркырап жердин койнунан, Жайнап чыккан аккан суу* (Барпы).

◆ **Коюн-колтук алышуу** *к.* **колтук.**

КОЮНДАШ *этиш.* Кучакташуу. *Акмат Жапаш менен коюндашып жатты* (Жантөшев).

КОЮНДАШУУ **коюндаш** этишинин кыймыл атоочу.

КОЮУ I *сын.* 1. Суюк эмес, суюктун карама-каршысы. *Коюу аш. Коюу айран. Нанды жесең ысык же, Созулган коюу бал менен* (Барпы).

2. Калың, жыш. *Коюу чөптүн арасынан алардын көрүү кыйын* (Бейшеналиев). *Үйдүн түндүгүнөн коюу көк түтүн көккө карай созулат* (Жантөшев). *..Айлананы коюу туман баскан* (Бөкөнбаев).

КОЮУ II кой этишинин кыймыл атоочу.

КОЮУЛАН **коюл** этишинин өздүк мамилеси.

КОЮШ **кой** этишинин кош мамилеси.

КӨБӨ *туурасы*: **көбөө.**

КӨБӨЙ *этиш.* Көп болуу, арбуу. *Төлгө төл кошулуп, эгинден түшүм көбөйүп, колхоз өркүндөй баштаган кез* (Сыдыкбеков).

КӨБӨЙТ 1. **көбөй** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Көбөйтүү амалын жүргүзүү.

КӨБӨЙТҮНДҮ *зат. мат.* Көбөйтүү амалынан келип чыккан натыйжа (көбөйтүүдөн келип чыккан сан).

КӨБӨЙТҮҮ I *зат. мат.* Көбөйтүүчү санда канча бирдик болсо, көбөйүүчү санды ошончо жолу кайталап арбытуучу математикалык амал жана ошол амалдын белгиси (х).

КӨБӨЙТҮҮ II көбөйт этишинин кыймыл атоочу.

КӨБӨЙТҮҮЧҮ *зат. мат.* Көбөйүүчүнүн канчага көбөйө тургандыгын көрсөтүүчү сан.

КӨБӨЙТҮШ **көбөйт** этишинин кош мамилеси.

КӨБӨЙҮҮ **көбөй** этишинин кыймыл атоочу.

КӨБӨЙҮҮЧҮ *зат. мат.* Көбөйтүүчүнүн бирдигине карата кайталанып арбый турган, көбөйө турган сан.

КӨБӨЛӨК *туурасы*: **көпөлөк.**

КӨБӨӨ *зат.* Тондун этек, жеңдеринин жана тери шымдын багалектеринин сыртынан тегерете карматылган анча жазы эмес кездеме же көрпө. *Карыяны кубантканы, Карыш көбөө карматып, Калдайтып кийген тон болот* (Осмонкул).

КӨБӨӨЛ *зат.* Жардын, жээктин үңүлүп, оюлуп кеткен жери, оюгу. *Жардын көбөөлүндө жашырынып конуп отурган жапалак үкү уча качты* («Ала-Тоо»).

КӨБӨӨЛӨ *этиш.* Көбөө кармоо, көбөө салуу.

КӨБӨӨЛӨӨ **көбөөлө** этишинин кыймыл атоочу.

КӨБӨӨЛӨТ **көбөөлө** этишинин аркылуу мамилеси.

КӨБҮК *зат.* Суюк заттардын бетине кайнаганда, чайкалганда же ачыганда көбүрүп чыгуучу масса. *Бозонун көбүгү. Сүттүн көбүгү. Көбүгүн асманга бүркүп Көкө-Мерен атырылып жатат* (Бейшеналиев).

◆ **Көбүк кар** — жаңы жааган, катпаган көпшөк кар. *Жаап каткан көбүк кар аныи.. сакалына жабышты* (Байтемиров). **Чий көбүк** — жаңы эттин биринчи кайнаганында чыккан көбүгү, иткел. *Кубат шашкалактап, чөмүч менен эттин чий көбүгүн алып жатты* (Жантөшев).

КӨБҮКТӨ *этиш.* Көбүгү чыгуу, көбүк пайда болуу, көбүрүү. *Ак көбүктөп бурулуп, Көл бети чексиз кубулуп* (Турусбеков). *Бууракандап таштан ташка урунуп, көбүктөп Терек-Суу агат* (Жантөшев).

КӨБҮКТӨН **көбүктө** этишинин өздүк мамилеси.

КӨБҮКТӨӨ **көбүктө** этишинин кыймыл атоочу.

КӨБҮКТӨТ **көбүктө** этишинин аркылуу мамилеси.

КӨБҮКТҮҮ *сын.* Көбүгү бар, көбүрүп чыккан.

КӨБҮНЧӨ *мод.* Асыресе, айрыкча, көп учурларда.

КӨБҮҢКҮ *сын.* 1. Бир аз көөп калган, көтөрүлө баштаган; шишигенсип калган, шишимик тарткан.

2. Бой көтөрмө, мүнөзү өзгөрүлгөн, көпкөнгө берилген, көбө баштаган (киши жөнүндө). *Анын көңүлү көтөрүңкү, көөдөнү көбүңкү* («Чалкан»). [*Ташбайдын*] *башта агарган сакалдары кайра карара баштаган белем, ал тургай көбүңкү тартып да калгандай* (Сыдыкбеков).

КӨБҮР *этиш.* Көбүктөнүү, көбүк чыгаруу, көбүк чыгуу.

КӨБҮРГӨН I *зат.* Жапайы пияз, тоо пиязынын бир түрү. *Айдай көбүргөн теримиш болуп, төрдүн башын көздөй жөнөдү* (Каимов).

КӨБҮРГӨН II *зат.* Тырмактын (көбүнчө колдун тырмактарынын) түбүнө чыкчу жара.

КӨБҮРГӨНДҮҮ *сын.* Көбүргөн (1-маанисинде) чыккан, көбүргөнү жыш, калың чыккан. *Суунун жээги калың шибердүү жана көбүргөндүү* («Жаш ленинчи»).

КӨБҮРТ **көбүр** этишинин аркылуу мамилеси.

КӨБҮРҮҮ **көбүр** этишинин кыймыл атоочу.

КӨБҮҮ **көп** этишинин кыймыл атоочу.

КӨГӨН *зат.* Козу, улактарды, кээ кой, эчкилерди да байлаш үчүн кер коюлган майда бурчактары бар арка *Козу чагында көгөнгө байланбаган койлор* (Жантөшев).

КӨГӨНДӨ *этиш.* Көгөнгө байлоо,

тизүү. *Көгөндөгөн козудай тизилип, балдар кырка тура калышты* («Ала-Тоо»).

КӨГӨНДӨЛ көгөндө этишинин туюк мамилеси.

КӨГӨНДӨӨ көгөндө этишинин кыймыл атоочу.

КӨГӨНДӨТ көгөндө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨГӨНДӨШ көгөндө этишинин кош мамилеси.

КӨГӨӨН *зат.* Чагуучу, кан соруучу чоң чымын. *Чиркейи да чагат, көгөөнү да кан сорот* (Аалы).

КӨГӨР I *этиш.* 1. Көк болуу, көк тартуу, көк түскө өтүү. *Түпсүз деңиздей түнкү асман көгөрөт* (Жантөшев). *Көлү мурат көгөрөгөн, Күзгүдөн тунук мелтиреп* (Үмөталиев).

2. Көктөө, өсүү (өсүмдүктөр жөнүндө). *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар, Кем эмес, сага жетер чамабыз бар* (Осмонов). [*Тикенек*] *күзгө чейин көгөрүп турат* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Өсүп-өнүү, өркүндөө. *Октябрдын жалынынан төрөлгөн, Жаңы кыргыз өнүп, өсүп көгөргөн* (Аалы).

◆ **Көшөгөң көгөрсүн** *к.* **көшөгө.**

КӨГӨР II *этиш.* Билгенин, беттегенин, ойлогонун, айтканын бербей тырышуу, өжөрлөнүү. *Көгөрүп Манас күчөдү, Кайраты эрдин түтөдү* («Манас»). *Бир көгөрүп бет алса, Айтканынан тайбаган* (Жантөшев).

КӨГӨРТ көгөр I этишинин аркылуу мамилеси.

КӨГӨРҮҮ көгөр этиштеринин кыймыл атоочу.

КӨГҮЛДҮР көгүлтүр менен бирдей.

КӨГҮЛЖҮН *сын.* Көгүлтүр, көгүш, көгүрөөк тарткан.

КӨГҮЛТҮР *сын.* Көгүш, көгүлжүн. *Көгүлтүр көл. Көгүлтүр түстөгү сыр, боёк. Көпчүлүгү мөлтүрөгөн көгүлтүр тунук металл* (Таштемиров).

КӨГҮЧКӨН *зат.* Анча чоң эмес ар түрдүү түстөгү бакма жана көк түстөгү жапайы канаттуу, кептер. *Маңдайлашкан, заңгыраган үйлөрдө Көгүчкөндөр каршы-терши ойношот* (Аалы).

◆ **Тынчтыктын көгүчкөнү** — тынчтыктын символу катарында көрсөтүлгөн ак көгүчкөн сүрөтү.

КӨГҮШ *сын.* Нагыз көк эмес, көгүлтүр, көгүлжүн, көк тарткан.. *Көрүнөт кең Ысык-Көл көгүш тартып* (Шүкүрбеков).

КӨДӨӨ I *зат.* Бетеге, тулаң сыяктуу мал жей турган чөп. *Ойдуңдарында тулаң сыяктуу көдөө чөптөр чыгат* (Убукеев). *Көдөө жулуп чөп берип, Конок менен суу берип* («Сейтек»).

КӨДӨӨ II *зат.* Көбүнчө жылкыга чыгуучу жара.

КӨЖӨ *зат.* Акталган таруудан ж. б. кайнатып жасалган суюк тамак. [*Гүлайым*] *айранды да, көжөнү да ичип көрөт* (Абдукаримов).

КӨЗ *зат.* 1. Адамдын, жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү. *Көзүң ооруса колуңду тый, ичиң ооруса тамагыңды тый* (макал). *Динар көзүн бакырайтып чочуп кетти* (Сыдыкбеков).

2. Бир нерсенин тешиги, жылчыгы, ачык бөлүгү, көзөнөгү. *Ийненин көзү. Терезенин көзү. Тузактын көзү. Булактын көзүнө жата калып суудан жутту* («Ала-Тоо»).

3. Куржундун бир жак бөлүгү. *Мына, айланайын, куржундун эки көзү толтура буудай алып келдик* (Жантөшев).

4. Көбүнчө шакектин кичине асыл таш, мончок ж. б. орнотулган жери, бөлүгү. *Шакектин көзү.*

5. Күндүн, айдын бети. *Жылтырайт бак ичинен айдын көзү* (Шүкүрбеков). *Асманда ала булут калкып, кезек-кезек күндүн көзүн далдалайт* («Ала-Тоо»).

◆ **Көзү ачык кетүү** *же* **көзү ачык өтүү** — эч жакшылык, эч жыргалчылык көрбөй өлүү; жаштайында өлүү. *Ошентип, эти кабылдап, кайран [Чынар] ..көзү ачык кетти* (Сыдыкбеков). *Көрүнгөн байга кул болуп, Көзү ачык өтүп кетемби* (Осмонкул). **Көзү ачык** *к.* **ачык I. Көзү ачылуу** — бир нерсеге ачык, даана түшүнүү, билүү; билимдүү, сабаттуу болуу, аңсезими өсүү. *Ушул китепти окуганы көп түшүнүксүз нерселерди билип, көзүм ачылды* («Ала-Тоо»). *Карачы, теңдик күн келип, Жетимдин көзү ачылды* (Барпы). **Орой көзү чарай** *к.* **орой I. Көз ачып-жумганча** — заматта, бирпаста, тез арада, антпминткиче. *Бул экөө ишиңди көз ачып-жумганча бүтүрөт* (Жантөшев). *Көз ачып-жумганча алда кайда узап кетишти* (Жантөшев). **Көз айнек** *к.* **айнек. Көз байлоо** — *дин.* дубалап коюу, сыйкырлоо, жазгыруу. *Дуба окуп, көз байлап, Жер астына сиздерди Азгырып алып кириптир* («Эр Төштүк»). *Дем салып никеге чейин көзүн байласын* (Бөкөнбаев). **Көз байланган кез (учур, убак ж. б.)** — иңир, күүгүм кирген, каш карайган убак. *Күн кечтеп, көз байланган кез* (Баялинов). *Көз байланган убакта Анархандар Чоко менен коштошту* (Жантөшев). **Көз жумуу** — өлүү, каза табуу, дүйнөдөн кайтуу. [*Апамдын*] *көз жумганына бир жыл боло элек* («Ала-Тоо»). **Көз көргүс** — абдан алыс, узак, белгисиз. *Төртөөбүз кол кармашып, кулак уккус, көз көргүс жакка кетебиз* (Жантөшев). **Көздөн учуу** — абдан зарыл болуу, табылбоо, сагындыруу. *О, чиркин эл менен жер көздөн учат* (Аалы). **Көздөн далдаа болуу** — 1) көрүнбөө, карааны көрүнбөй калуу. *Чоколор чоң капчыгайга барганда, түндүк тарапка бурулушуп, көздөн далдаа болду* (Жантөшев); 2) эптеп жашырылуу, билинбей калуу, байкалбоо. **Ач көз** — нысапсыз, сараң, дүнүйөкор. *Ач көз өлсө да дүнүйөгө тойбойт, Бирөөгө көз артканын койбойт* (Шүкүрбеков). **Көз чаптыруу** *же* **көз жүгүртүү** — жалпысынан карап чыгуу, байкоо. *Каныбек айланага көз чаптырды* (Жантөшев). *Назаров курулуштун ары жак, бери жагына көз чаптырды* (Убукеев). **Көз мончок** *к.* **мончок. Көз артуу** — кызыгуу, суктануу. *Кедейдин жалгыз атына көз арткан байлар*

да болгон («Ала-Тоо»). **Көзгө басар** —1) жалгыз, бар болгон. [*Бектай*] *Актандын көзгө басар жээни* (Бейшеналиев); 2) көрүнүктүү, көзүн караган. *Ошонун көзгө басар жигит болуп калган уулу бар эле* (Сыдыкбеков). **Көз салуу** — 1) кароо, байкоо, абайлоо; сак болуу. *Акбар койлордун жалпы түрүнө көз салды* (Убукеев). *Балам, атыңа көз сал* (Сыдыкбеков); 2) көмөктөшүү, жардамдашуу, каралашуу, жардам кылуу. *Айланайын журт, балама көз сала жүрө көргүлө* (Турусбеков). **Көзү жетүү** — түшүнүү, аныкбилүү, ачык сезүү. *Атамдын киши болбосуна көзүм жетти* («Ала-Тоо»). **Көз жеткис** — алыс, узак, чексиз, учу-кыйры көрүнбөгөн, болжолсуз, белгисиз. *Өрдөктөр көз жеткис жакка учуп кетишти* («Жаш ленинчи»). *Баш-ягына көз жеткис мелмилдеген талаа.* **Баш-көз болуу** *к.* **баш. Көзгө илээшпөө** — 1) өтө тез, бат кыймылдоо. *Станок көзгө илээшпей тегеренет* (Бөкөнбаев); 2) өтө майда, абдан кичинекей көрүнүү. **Көзүнө илбөө** — 1) теңине албоо, киши катарына санабоо. *Залимге сый, той, тамаша, Көзүнө илбейт кедейди* (Барпы); 2) уялбоо, ийменбөө, сыйлабоо, изат кылбоо. *Улууларды көзүнө илбей, кичүүлөрдү сыйлабай кеткендер бар. Мунуңар жарабайт* (Убукеев). **Көзгө атар** — таамай аткыч, жаздай аткыч, мылтык атканга жакшы машыккан, адис болгон. *Нурбай көзгө атар мергенчи болчу* (Баялинов). **Көз караш** — 1) турмуш, табигат, коом туурасындагы түшүнүк, пикирдин системасы. *Материалисттик көз караш. Илимий көз караш. Коммунисттик көз караш. Идеалисттик көз караш*; 2) ой-пикир, түшүнүк. *Менин көз карашымда бул эң эле түзүк, а сенин көз карашың кандай?* **Көзмө-көз** — бетме-бет, көз алдынча. *Көзмө-көз сүйлөшүү.* **Көзү түшүү** — жактыруу, сүктануу, жакшы көрүп калуу, берилүү, сүйүү. *Мен баарыдан да анын жакшынакай комузуна көзүм түштү* (Каимов). *Асылдай селкиге далай жигиттердин көзү түшпөйбү?!* («Ала-Тоо»). **Көз айырбоо** — көпкө карөо, тиктөө, тиктеп тура берүү. *Ээрге колуң басканда, Экі көзүм айырбай, Карап турдум калтырап* («Эр Таңылды»). **Көз жаруу** — төрөө, төрөлүү. *Тезирээк эле жеңем көз жарса экен деп сүйүнөм* («Ала-Тоо»). *Үшул курсактагы бала аман-эсен көз жарса, Айымжандын койнуна салып берем* (Сыдыкбеков). **Көз каранды** — бирөөнүн колун караган, баш ийген, өз эркинде болбогон. **Көз тоюу** — көргөн нерсесине канааттануу, ыраазы болуу, көңүлүнө толуу. *Көркөмдүү салган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). **Эки көзү төрт болуу** *к.* **эки. Эрте келүүгө эки көзүм төрт болду** (Жантөшев). **Көздөн кайым боолуу** *к.* **кайым. Көз боочу** — 1) алдамчы, сыйкырчы; 2) гипнотизёр. **Көз болуу** — көздөп туруу, байкап туруу. *Бала-бакырага көз бол.* **Көз ирмебөө** — 1) уктабоо, кирпик какпоо. *Ышкыналы ар түнү таң аткыча көз ирмебей чыгуучу* (Байтемиров); 2) жалтанбоо, жазганбоо. *Ай балта колго алышып, Көз ирмебей салышып* («Манас»). **Көз жаздымында калуу** — байкалбай калуу, көңүлгө алынбай калуу. *Маанилүү иштер көз жаздымында калып жатат* («Ала-Тоо»). **Көзү жетүү** — ишенүү, билүү, ишенимде болуу. **Көз көрүнө** — көзүнчө, көз алдында, каратып туруп; ачык, жашырбай. **Көзүнө чөп салуу** — бирөөгө алдыртан жамандык кылуу, билгизбей кырсыктатуу, бузукулук кылуу. **Көз тийүү** — элдик ишеним боюнча: ооруп калууга дуушар кылгандай даражада бирөөнүн сугу өтүү. **Көзү өтүү** — 1) кадала кароо, тиктөө, суктануу. *Баланын кайнап турган казанга көзү өтүп, шилекейи чубура баштады* («Ала-Тоо»); 2) каза табуу, өлүү. *Адамдын көзү өткөндө Жок экен кайтып келүүсү* (Үсөнбаев). **Көзү тирүү** *к.* **тирүү. Көзүн тазалоо** *к.* **тазала. Көзү катуу** — көрүүгө, жетүүгө зар болуу, самоо, жутап калуу, жетишсиз, кемчил болуу. *Көз катканда көргөнүм, Көк ала түйгун береним* («Эр Табылды»). *Оокаттан көзү каткан кедей-кембагалдар кенелип калган кез* («Ала-Тоо»). **Көзгө чалдыгуу** — көрүнүп калуу, байкалуу. **Салкын көз менен кароо** *к.* **салкын. Иштин көзүн табуу** — иштин жөн-жайын, ыгын табуу, үйрөнүп алуу. **Иштин көзүн тануу** *к.* **тааны. Көзү кыйбоо** *к.* **кый III. Көзүнө айтуу** — бетине айтуу, өзүнө айтуу. **Көзү бозоруу** — 1) карайлоо, көзү тунарып көрбөй калуу; 2) көзү катуу, жутап калуу; 3) өтө көөп кетип ар нерсени тоотпой, капарына албай калуу. **Көз кайкуу** — мелмилдеп, учу-кыйырына көз жеткис, көп болуп көрүнүү. **Көзү ала чакмак болуу** — көзү тунаруу, ымыркымыр боло түшүү. **Көздүн жоосун алуу** *к.* **жоо. Көзү кызаруу** *к.* **кызар. Көз жумду кылуу** — эптеп бүтүрө коюу, будамайлоо, жүрнарыга салуу.

КӨЗДӨ *этиш* . 1. Кайтаруу, көз болуу, көз салуу. *Таяк алып колуңа Малды көздөп турасың* (Токтогул).

2. Максат кылуу, белгилүү бир максатта болуу. *Элдин жыргалчылыгын көздөй турган эр-азаматтардан болгула* («Жаш ленинчи»).

КӨЗДӨЙ I *сын.* Жакын, ишенимдүү, кыйышпас, өз. *Көздөй киши. Көздөй куда. Көздөй адам. Көздөй кайни.*

КӨЗДӨЙ II *жанд.* Карай, белгилүү бир багытты карата. *Шаарды көздөй бет алган үч-төрт машинага өңчөй мектеп окуучулары түшүп алышкан* («Жаш ленинчи»).

КӨЗДӨӨ көздө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗДӨТ көздө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЗДӨШ 1. көздө этишинин кош мамилеси.

2. Беттешүү, көзмө-көз кезигишүү, сүйлөшүү.

КӨЗДӨШТҮР көздөш (2-мааниде) этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЗДӨШҮҮ көздөш (2-мааниде) этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗДҮК *зат.* Үркүнчөөк, азоо жыл-

кыныи көзүнүн арт жагынан далдаалап, үркө турган нерселерди байкатпоо үчүн жүгөнгө тагылган калканч.

КӨЗӨ I *зат. диал.* Бозо же суу куюу үчүн карападан жасалган идиш.

КӨЗӨ II *этиш.* Бир нерсени тешүү, көзөнөк кылуу, тешик кылуу. *Бир станокто сом темирди көзөп жатса, бирөөндө.. жылмалап жатат* (Таштемиров).

КӨЗӨГҮЧ көзөөч менен бирдей.

КӨЗӨЛ I *зат.* 1. Сулуу, көркүү.

2. Азамат, мыкты. *Оо, кайран көзөлүм* (Турусбеков).

КӨЗӨЛ II көзө этишинин туюк мамилеси.

КӨЗӨМӨЛ *сын.* 1. Баамчыл, сезгич, кыраакы.

2. Байкоо, көз болуучулук.

КӨЗӨМӨЛДӨ *этиш.* Көз болуу, күзөтүү; аңдуу, абайлоо. *Жума өз атын минип, аттарды көзөмөлдөөгө кетти* (Жантөшев). *Көзөмөлдөп артынан Алмамбет, Чубак барыптыр* («Манас»).

КӨЗӨМӨЛДӨӨ көзөмөлдө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗӨМӨЛДӨТ көзөмөлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЗӨМӨЛЧҮ *зат. эс.* Сакчы, кароолчу.

КӨЗӨНӨК *сын.* Тешик, көзөлүп жасалган ар кандай тешик. [*Шахтёрлор*] *уч көзөнөктү жасашты да, мылтык дарысын салып милте коюшту* (Сасыкбаев).

КӨЗӨНӨКТҮҮ *сын.* Көзөнөгү бар, көзөнөктөрү көп.

КӨЗӨӨ көзө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗӨТ көзө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЗӨӨЧ *зат.* Бир нерсени көзөш, тешиш үчүн колдонулуучу курал. *Асандын искене, ийди, көзөөч ж. б. куралдары бар.*

КӨЗСҮЗ *сын.* Көзү жок, сокур, көр. *Чолок чал эки көзсүз сокур адам* (Абдыраманов).

КӨЗҮГҮҮ көзүк этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗҮК *этиш.* 1. Көз тийүү, сугу өтүү. *Мени* [*Жапар*] *көзүкпөсүн дегенсип апам түкүрүнүп койду* (Каимов).

2. Көзгө көрүнүү, таанылуу, билине баштоо.

КӨЗҮКТҮР көзүк этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЗҮКТҮРҮҮ көзүктүр этишинин кыймыл атоочу.

КӨЗҮР *зат.* Ойнолуп жаткан карта ойнунда башкысы катарында эсептелип жана калган түрлөрүнүн кайсы гана картасын болсо да басууга жараган түрүнүн картасы.

КӨЙ *сын.* Атанган, артыкчаланган. *Көй буудандын баарының, Таноолору дердеңдеп* («Эр Табылды»). *Көй буудандын баарысын Такыр тартып алды де* («Манас»).

◆ **Көй кашка** — өзүнүн акылмандыгы, баатырлыгы, эрдиги, өткүрлүгү, чеченди ги менен башкалардан айырмаланып турган, артыкча, мыкты. *Кызыл байрак кырк кашка, Кылыгы журттан бир башка, Кырааны Манас көй кашка* («Манас»).

КӨЙГӨК: көзгө көйгөк болуу — кандай эле көзүңө көрүнүп туруп алды деген мааниде.

КӨЙКӨЛ *этиш.* Жайкалуу, ыргалуу, сеңселүү, теңселүү. *Көгү тушарга чыгып көйкөлүп турган буудай..* (Сыдыкбеков). *Жаңы тиккен жапжаш даректар, гүлдөр ыраңына кирип көйкөлөт* (Сасыкбаев).

КӨЙКӨЛТ көйкөл этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЙКӨЛҮҮ көйкөл этишинин кыймыл атоочу.

КӨЙЛӨ *этиш.* Майда нерсени (мисалы, талканды ж. б.) суюк нерсе менен аралаштыруу. *Каныш каймакка талкан көйлөп Кемелге берди* («Ала-Тоо»).

КӨЙЛӨӨ көйлө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЙНӨК *зат.* Күрмө, кемсел же желетке сыяктуу сырт кийимдердин астынан кийилүүчү жалаң кат кийим. *Сырт көйнөк. Ич көйнөк. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет* (макал).

◆ **Көйнөк-кече** — ар түрдүү жеңил кийим-кечелер. *Жамила.. көйнөк-кечесин тиктирип алып жүрдү* (Баялинов). **Кырк көйнөк** — жаңы төрөлгөн баланын кыркын чыгарганда (кырк күнгө толгондо) ырым кылып кийгизе турган көйнөк. **Көк көйнөк** — өтө жугуштуу уй оорусу.

КӨЙНӨКЧӨН *такт.* Жалаң көйнөк менен, сырт кийимсиз. *Үстүндөгү чолок чапанын чечип.. көйнөкчөн болуп алып, тобунан калган уйдун артынан чуркады* (Баялинов).

КӨЙРӨҢ *сын.* Мактанчаак, көтөрүлмө. *Күлүк минсең күүлөнүп, Эки жагың каранба, Көйрөң атка коносуң* (Токтогул).

КӨЙРӨҢДӨН *этиш.* Мактануу, көйрөңдүк кылуу, көтөрүлүү. *Жакшы кийсең, жаш балдар, Көйрөңдөнүп элирбе* (Токтогул).

КӨЙРӨҢДӨНҮҮ көйрөңдөн этишинин кыймыл атоочу.

КӨЙРӨҢДҮК *зат.* Мактанчаактык, көтөрүлүп, көйрөңдөнүп кетүүчүлүк.

КӨЙРӨҢСҮ көйрөңдөн менен бирдей.

КӨК I *зат.* Асман . *Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт* (макал). *Учкун аралаш түтүн көккө көтөрүлөт* («Ала-Тоо»).

◆ **Күлүн көккө сапыруу** — талкалоо, кыйратуу, таш-талканын чыгаруу. *Бирдиктин күчү фашисттин Күлүн көккө сапырды* (Осмонкул). *Эл жегичти жоготуп, Күлүн көккө сапырды* (Токтогул). **Төбөсү көккө жетүү** *к.* **төбө.**

КӨК II *зат.* Жашыл чөптөр; жашылчалар. *Тоо көгү жаңыдан тишке илинип келе жаткан убак* (Абдумомунов). *Көк-сөк чыгып, базар көркүнө келип калган убак эле* («Ала-Тоо»).

КӨК III *зат.* Малдын чылгый терисинен тилинип, бир нерсени (мисалы, чокойду, керегени) көктөш, бекитиш үчүн колдонулуучу ичке тасма.

КӨК IV *сын.* Заттын булутсуз ачык асман сыяктуу түсү. *Көк жоолук. Көк боёк.*

◆ **Көк кашка** — таза, тунук. *Жутсаң көңүл ачылган Жайлоокун суусу көк кашка* (Осмонов). **Көк көйнөк** *к.* **көйнөк. Көк жөтөл** *к.* **жөтөл. Көк мончок** *к.* **мончок. Көк желке** *к.* **желке. Көк карга** — *к.* **карга. Көк боор** *к.* **боор. Көк соору** — анча чоң эмес, башынын үстү саргыч, калган денеси ачык көк түстөгү келгин куш. **Көк шалкы** — кичинекей жапайы чымчыктын бир түрү. **Көк кытан** *к.* **кытан. Көк мээ** — 1) койдун мээ оорусу; 2) келесоо, кеңкелес, кейбир, макоо. **Көк таш** — катуу, көк түстөгү химиялык элемент. **Көк башы** — суу бөлүштүрүүчү, сууну тейлөөчү, мурап. *Көк башы Актан ата көрүндү* (Бейшеналиев). **Көк шилти болуу** — абдан арыктоо, мүкүрөө. *Көк шилти болуп өлөйүн деп жүрөт.* **Көк муштум болуу** — көгөрүп үшүү, аябай үшүү. *Көк муштум болуп колдору камтууга келбей калыптыр* (Убукеев). **Көк жашык** — абдан арык; даамы жок (арык эт жөнүндө). **Көк жал** *к.* **жал I. Көк ала** — 1) көгү бар, ала-була, көк менен ак аралашкан түс; 2) жанчылып урулуудан көгөрүп түшкөн так. *Ажардын бүткөн бою көк ала* (Жантөшев).

КӨК V *сын.* Өжөр, айтканын, ойлогонун бербеген, айтканынан кайтпаган. *Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол* (макал). *Бир ыйласа басылбаган, таарынса жазылбаган көк бала турбайбы* («Жаш ленинчи»).

КӨКБӨРҮ *зат.* Эки тарапка бөлүнүп, мууздалган улакты, кээде торпокту атчан тартышуу оюну, улак тартмай. [*Журтбек*].. *көкбөрүгө шыктуу жигит* (Бейшеналиев).

КӨКБӨРҮЧҮ *зат.* Көкбөрүнү мыкты тартуучу. *Көкбөрүчү түгөнгүр, Ээрге жапма салды эми* («Эр Табылды»).

КӨКНАР *зат.* Апийимдин тоголок башы; андан кайнатылып алынган суюк зат.

КӨКНАРЧЫ *зат.* Көкнар ичүүчү адам. *Көкнарчы адамга Көшүлтөр ачуу чай жакшы* (Жантөшев).

КӨКӨЙ: көкөйдөн кеткис — эстен чыкпас, унутулгус (жаманчылык, жаман иштер жөнүндө). *Көкөйдөн кеткис окуя, Көрбөсөм муну билемби* (Тоголок Молдо). **Көкөйгө көк талкандай тийүү** *же* **көкөйгө тийүү** — көңүл калуу, көңүлгө, жүрөккө тийүү, кабыргага батуу, жадоо, тажоо. *Көкөйүңө кийгендир Чоюбектин кабаган* (Тоголок Молдо). **Көкөйүн кесүү** *к.* **кес.**

КӨКӨЛӨ *этиш.* Көккө карай көтөрүлүү, асмандоо. *Асманды көздөй көкөлөп, Сызып кетти Ак шумкар* («Манас»).

КӨКӨЛӨӨ көкөлө этишинин кыймыл атоочу.

КӨКӨЛӨТ көкөлө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨКӨМЕРЕН *зат. бот.* Составында эфир майы бар, дары катарында пайдаланыла турган өсүмдүк.

КӨКСӨ I *зат.* Энсеген тилек. *Көксөм сууду. Көксөсү басылды.*

КӨКСӨ II *этиш.* Энсөө, тилөө, самоо. *Жогорку окуу жайын бүтсөм деп көксөчү элем* (Бейшеналиев).

КӨКСӨӨ I *сын.* Карыган, карылыгы жеткен. *Келиптир кары, жашы калыштастан, Жүрүшөт көксөө чалдар чалыш баскан* (Үмөталиев).

КӨКСӨӨ II көксө этишинин кыймыл атоочу.

КӨКСӨТ көксө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨКТӨ I *этиш.* Көгөрүү (даректын, көк чөптүн чыгышы, өнүшү жөнүндө). *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар* (Осмонов).

КӨКТӨ II *этиш.* Көк менен тигүү; чоң-чоң сайып тигүү. *Куюшканы үзүлүп, Көктөй албай жаткан көп* («Манас»). *Таманына шири көктөгөн кончу кыска кийиз чокой* (Аалы).

КӨКТӨМ *зат.* Көк чыккан мезгил, эрте жаз. *Көктөмдө Жаңы-Арыктын адырлары кандай сонун* (Абдукаримов).

КӨКТӨӨ көктө этишинин кыймыл атоочу.

КӨКТӨТ I көктө I этишинин аркылуу мамилеси.

КӨКТӨТ II *этиш.* Малды жазгы көккө жаюу, көк жегизүү. *Жылыга үшул жерге койчулар кой көктөткөнү көчүп келишет* («Ала-Тоо»).

КӨКТӨШ көктө II этишинин кош мамилеси.

КӨКТҮК *зат.* Өжөрлүк, кежирлик, айтканынан кайтпагандык. *Көктүккө салып көшөрүп, Көп кыйынга чыдадык* (Элебаев).

КӨКТҮҮ *сын.* Чөптүү, көк чөп чыккан, чөбү калың. *Көктүү талаа. Көктүү жер.*

КӨКҮ *этиш.* 1. Эсирүү, тил албоо, кежирленүү, оюна келгенин бербөө, көгөрүү. *Атасы келгенден бери көкүп кетти.* 2. Үркүү, чочуу, чочуп жалт берүү. *Ат укурукту көрүп көкүп кетти.*

КӨКҮЛ *зат.* Мандайдан чекеге түшүрүлүп коюлган кыска чач.

◆ **Беш көкүл** — бойго жете элек, жаш, кичинекей кыз.

КӨКҮЛДҮҮ *сын.* Көкүлү бар, көкүл койгон.

◆ **Сакалдуу - көкүлдүүлөр** — карыган, улгайган адамдар.

КӨКҮРӨК *зат.* 1. Төш, көөдөн. *Сакадай Эркинди көкүрөгүнө кысып-кысып, сол жаккы чекесинен эки ирет өптү* (Жантөшев). *Алтын орден көкүрөктө жарк этип, Адис эже туулгансың намыска* (Нуркамал).

2. *өт.* Эс, көңүл. *Бул кылган жакшылыгыңар көкүрөктөн калбас* (Жантөшев). *Арамдык, кытмыр иштерди Көкүрөккө түйбөгүн* (Жантөшев). *Умут күлсө, дароо жарпың жазылат, Көкүрөгүң сергек болуп ачылат* (Аалы).

◆ **Көкүрөгүн көтөрүү** — менменсинүү, мактануу, баатырсынуу. **Көкүрөгү тунук** — акылдуу, зээндүү, эстүү. *Жайылып кирди баарысы—Көңүлү жакын көсөмү, Көкүрөк тунук чечени* («Манас»). *Токтогул көкүрөгү тунук акын болгон* (Барпы). **Эр көкүрөк** *к.* **эр. Көкүрөк күчүгү** *к.* **күчүк I.**

КӨКҮРӨКТҮҮ *сын.* 1. Төшү кең, көдөнү чоң.
2. *өт.* Эстүү, акылдуу, зээндүү.

КӨКҮТ *этиш.* Эрегиштирүү, кайраштыруу, тукуруу. *Эки жаш толмоч балбанды Кайраштырып көкүткөн* (Токтогул). [*Шекер*] *кулак угуп, көз көрбөгөн жаман-дыктын бардыгын балдар үйүнө ыйгарып, Көкөнү көкүтөт* (Қасымбеков).

КӨЛ *зат.* 1. Кургактыктын суу толуп калган табигый туюк чуңкурлары. *Керилген тоолорго, көгөргөн көлгө суктана карайт* (Сыдыкбеков). *Көл жок болсо дүйнөдө, Балык болбойт эмеспи* (Бөкөнбаев).
2. *сүйл.* Ысык-Көл өрөөнү.
3. *өт.* Мүнөзү абдан токтоо, оор басырыктуу, кабак-кашым дебеген. *Көл жигит.*
◆ **Көз жашын көл кылуу** — катуу ыйлоо, жаш төгүү. *Көзүнүн жашын көл кылып, Какшап ыйлап боздоду* (Жантөшев). **Көл-шал тердөө** *к.* **шал III.**

КӨЛБӨ *этиш.* Улам бир жак капталына ооп, оодарылуу, козголуу, копшолуу. *Кийимдерин чечинип сууга көлбөдү* (Убукеев). *Төө көлбөп жатат.*

КӨЛБӨКТӨ *этиш.* Кийим өзүнө чоң, кенен болуп туруу.

КӨЛБӨКТӨӨ көлбөктө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛБӨКТӨТ көлбөктө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛБУ *этиш.* 1. Сууда сүзүү, калкуу. *Жарышкан туш-тушунан туура суулар, Жарашкан көлбүп ойноп өрдөк, куулар* (Осмонов).
2. Суу толуп кетүү, көөлгүү.

КӨЛБУТ көлбү этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛБУУ көлбү этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛДӨ *этиш.* Көбөйүү, ашып-ташуу, көөлгүү. *Суу көлдөп жайылды.*

КӨЛДӨЛӨҢ I *зат.* Астыга салынып отуруу үчүн саңсаң көрпөдөн, териден жасалган үй буюму. *Акия төргө көлдөлөң жайды* (Сыдыкбеков). [*Шырдактын*] *үстүндө үчтөн бирине жетпей кара саңсаң көлдөлөң жатат* (Сыдыкбеков).

КӨЛДӨЛӨҢ II *зат. диал.* Бир нерсенин туурасы, каршысы. *Көлдөлөңүнөн ченегенде отуз метр, узуну жүз метр келген жер. Алдыңа келдим көлдөлөң, Каталык болсо кечиргин* (Барпы).

КӨЛДӨӨ көлдө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛДӨТ көлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛКӨЙ *этиш.* 1. Кийим кенен, чоң болуп, бойго жолобой туруу. *Тону өзүнө чоң, боюна жолобой көлкөйөт* («Чалкан»).
2. Жоон, эттүү, эби-сыны жок адам же жаныбарлардын кыймылын, түспөлүн билдирет. *Кадимкидей тагына Көлкөйүп барып отурду* (Жантөшев).

КӨЛКӨЙҮҮ көлкөй этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛКҮ *этиш.* Жай, мээлүн тартып кыймылдоо, мелмилдөө, мемирөө. *Кээде көлкүгөн, кээде түрмөктөлгөн толкундуу Ысык-Көл.*

КӨЛКҮЙ көлкөй менен бирдей.

КӨЛКҮЛДӨ *этиш.* 1. Эриген коргошун сыяктуу абалда, мөлт-мөлт эткен суюк, эриген абалда болуу. *Көлкүлдөп алды эрисе, күрткүлүү мөңгү кар жаман* (Жантөшев). *Көлкүлдөп эриген коргошундай мөлт-мөлт этет* («Ала-Тоо»). *Көлкүлдөп агат күмүш суу* (Бөкөнбаев).
2. Былкылдоо, балбыроо. *Эртең менен көзүнүн алды көлкүлдөп шишиген* («Чалкан»).

КӨЛКҮЛДӨК *сын.* Былкылдак, абдан жумшак.

КӨЛКҮЛДӨӨ көлкүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛКҮЛДӨТ көлкүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛКҮТ көлкү этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛКҮҮ көлкү этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛМӨ *зат.* Суу токтогон жер, чуңкур. *Кыштын күнү арыктардан суу акпай, элдин баары көлмөлөргө гана карап калышат* (Абдукаримов). *Көлмөдө чардап жаткан бакалардын.. дабышын укканда.. өзүңдү ополоң-тополоңдун арасында жүргөндөй сезесиң* (Абдукаримов).

КӨЛМӨК көлмө менен бирдей.

КӨЛӨКӨ *зат.* Керелер аркылуу жарыктан, нурдан тосулуп, далдааланып турган жай, орун жана ошол жарыкта турган нерсенин түшкөн сөлөкөтү. *Токтогул асканын көлөкөсүнө жатып үргүлөп кетти* (Аалы). *Тооктор тамдын көлөкөсүнө келип жатты* («Жаш ленинчи»). *Коркпо—ал өз көлөкөң.*
◆ **Ала көлөкө** — текши эмес, арасында ала чокул күн тийип турган жерлери бар көлөкө. *Күн кеч бешим, тоо ичин ала көлөкө баскан* (Жантөшев).

КӨЛӨКӨЛӨ *этиш.* 1. Көлөкө түшкөн жерде отуруу. *Талдын түбүндө көлөкөлөп отурган балдар* [*Алымкулдарга*] *чуркаган бойдон жетип келишти* (Абдукаримов).
2. Көлөкө түшүү, көлөкө кылуу. *Бийикте дсңиз сындуу көпкөк асман, Тоо башын көлөкөлөйт булут баскан* (Аалы).

КӨЛӨКӨЛӨН көлөкөлө этишинин өздүк мамилеси.

КӨЛӨКӨЛӨӨ көлөкөлө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛӨКӨЛӨТ көлөкөлө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛӨКӨЛҮҮ *сын.* Көлөкөсү бар, көлөкө түшкөн. [*Теректин*] *бутактары калың жалбыракгап, түптөрү көлөкөлүү* (Сыдыкбеков). *Үйдүн бурч жагында дүкүйгөн көлөкөлүү тал* (Турусбеков).

КӨЛӨКТӨ *этиш.* Көлөк-көлөк эткен эби жок кыймылда болуу, көлтөктөө.

КӨЛӨКТӨӨ көлөктө этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛӨКТӨТ көлөктө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛӨМ *зат.* Өлчөм, чен. *Байымбеттин айтымы боюнча «Манас» жомогунан жа-*

зылган кол жазманын көлөмү 150 *басма табак* («САЖИ»).

КӨЛӨМДҮҮ *сын.* Көлөмү чоң. *Анда темир жол станциясы, көлөмдүү эки завод жана көп сандаган базалар бар* («Советтик Кыргызстан»). *Көлөмдүү ырлар көп жазып, Эл ишенчин актаган* (Осмонкул).

КӨЛӨҢКӨ *туурасы*: **көлөкө.**

КӨЛӨЧ *туурасы*: **галош.**

КӨЛӨШ *туурасы*: **галош.**

КӨЛПӨКТӨ *этиш.* Кенен, чоң кийим менен эби жок кыймылдоо.

КӨЛПӨҢДӨ көлпөктө менен бирдей.

КӨЛТӨГӨЙ *сын.* Эби-сыны жок жоон, ыксыз чоң, балпайган.

КӨЛТӨЙ *этиш.* Эби-сыны жок жоон болуп көрүнүү, болпоюу.

КӨЛТӨЙТ көлтөй этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЛТӨЙҮҮ көлтөй этишинин кыймыл атоочу.

КӨЛТӨК *сын.* Жоон, ыксыз чоң, болпогой. *Жардам кылып жөлөгүн, Жармашып иштке орнодуң... А-ай, көлтөгүм, көлтөгүм, Билгеңчи шишиң толгонун* («Чалкан»).

КӨЛТӨКТӨ *этиш.* Эби-сыны жок, ыксыз аракетте болуу (көлтөйгөн кишиге карата).

КӨЛТӨҢДӨ көлтөктө менен бирдей.

КӨЛҮК *зат.* Жүк жүктөлүүчү унаа, мал. *Көлүгүңдү жоорутпай, Көңүлүңдү оорутпай, Көөнүңдү табар эл ошол* («Семетей»). *Күч көлүгүн семиртип, Байлаган элди карачы* (Токтогул).

КӨЛҮКТҮҮ *сын.* Көлүгү бар, унаалуу.

КӨЛЧӨ *зат.* Кичинекей көлмө. *Коробуздун ичинде суу толтурчу көлчөбүз бар эле* («Ала-Тоо»).

КӨЛЧӨЙ колчой менен бирдей.

КӨЛЧӨҢДӨ колчоңдо менен бирдей.

КӨЛЧҮК *зат.* Суу токтогон жер, көлчө. *Бөөт, көлчүк сазы бар, Бөлүнгөн ордөк, казы бар* («Манас»). *Баткактуу көлчүк суусунда, Бакалар чуулап чырдаган* (Маликов).

КӨМ *этиш.* Үстүнө топурак таштап жашыруу, бир нерсе менен жаап, бастырып коюу. *Карыган апам көзү өтсө, Өз колуң менен көмө көр* (Үсөнбаев).

КӨМДҮР көм этишинин аркылуу мамилеси.

КӨМКӨР *этиш.* Иштин же ичи көңдөй башка нерселерди оозун астына каратып, оодаруу, түбүн жогору каратып коюу. [*Ыйлаак*] *эки чыны чай ичкенден кийин чынысын көмкөрүп койду* (Байтемиров).

КӨМКӨРМӨ *зат. диал.* Аркасы бышкандан кийин, бет жагын көмкөрүп кактап бышырган тегерек нан. *Жарты көмкөрмө, төрт жумуртка дасторконго келди* (Сыдыкбеков). *Торт көмкөрмө нан бышырдык.*

КӨМКӨРҮЛ көмкөр этишинин туюк мамилеси.

КӨМКӨРТ көмкөр этишинин аркылуу мамилеси.

КӨМКӨРҮҮ көмкөр этишинин кыймыл атоочу.

КӨМКӨРҮШ көмкөр этишинин кош мамилеси.

КӨМӨК *зат.* Жардам, кол кабыш. *Көмөк көрсөт жакшылап, Достугуңду билейин* (Бөкөнбаев). *Ашым кантип жардам бербесин, Ар бир дем алыш сайын көмөк көрсөтүп жатат го* (Байтемиров).

КӨМӨКӨЙ *зат.* Кичине тил менен таңдайдын ортосу. *Көмөкөйүм кургап, тилим оозума батпай калды* (Сасыкбаев).

КӨМӨКТӨШ I *сын.* Жардамдаш, өз ара көмөк беришип турган. *Орозованын окууга жөнөшүнө көмөктөш экеним чын* (Бейшеналиев).

КӨМӨКТӨШ II *этиш.* Жардам берүү, кол кабыш кылуу. *Сиз да жазасыз го. Жашырба, жигит, көмөктөшөм* (Бейшеналиев). *Иштиңизге көмөктөшөйүн деген элем* («Ала-Тоо»).

КӨМӨКТӨШҮҮ көмөктөш этишинин кыймыл атоочу.

КӨМӨКЧҮ *зат.* Жардамчы, көмөк берүүчү; негизги эмес. *Азыр көмөкчү жумушчу катарында иштеп жүрөм* («Чалкан»).

КӨМӨЛДҮРҮК *зат.* Ээрди артка кетирбес үчүн аттын төшүнөн алып эки астынкы бутунун ортосунан өткөрүп, учу басмайылга, экинчи жагы ээрге бекитилүүчү кайыш. *Көмөлдүрүк тагынган, Күмүштөн жабдык салынган* («Курманбек»).

КӨМӨЛӨН *этиш.* Бет алдынан, көмкөрөсүнөн жыгылуу, үстөмөнүнөн кетүү. *Ат октос бөрүп, Ажар бети менен көмөлөнүп кетти* (Жантөшев). *Зуура.. ордунан турам деп көмөлөнүп кетти* («Ала-Тоо»).

КӨМӨЛӨНТ көмөлөн этишинин аркылуу мамилеси.

КӨМӨР көмкөр менен бирдей.

КӨМӨРҮЛ көмкөрүл менен бирдей.

КӨМӨСКӨ көмүскө менен бирдей.

КӨМӨЧ *зат.* Отко көөмп же көмөч казанга бышырылган нан. [*Чоко*] *үкөктү акырын ачып, үч көмөч жана кичинекей баштыктагы курутту баштыгы менен алды* (Каимов).

◆ **Өз көмөчүнө күл тартуу** — өз кызыкчылыгына, өз пайдасына чечүүгө аракеттенүү, өзүмчүлүк кылуу. *Өз көмөчүңүзгө күл тартпай, кара кылды теңдеп жарыңыз* (Жантөшев). **Көмөч казан** *к.* **казан.**

КӨМҮЛ көм этишинин туюк мамилеси.

КӨМҮР *зат.* 1. Өсүмдүктөрдүн калдыктарынан түзүлгөн, жерден казылып алынуучу, отунга жумшала турган кара түстөгү катуу зат. *Кызыл-Кыя, Сүлүктү Кымбат баалуу көмүр бар* (Осмонкул).

2. Күйгөн жыгачтын өчүрүлгөн чогу. *Көмүрүнө чыдабай Көп токойлор кыйылган* («Манас»).

◆ **Таш көмүр — көмүр** менен бирдей (1-маанисинде).

КӨМҮРКӨЙ *зат.* Аспап, майда-чүйдө буюм-теримдер салына турган сандыкча. *Кычан темир көмүркөйдү ачты* (Бейшеналиев). *Көмүркөйдүн ичинен.. Керкимди да таба кел!..* (Турусбеков).

КӨМҮРЧҮ *зат.* Көмүр өчүрүүчү.
КӨМҮСКӨ *сын.* Далдаа, ачык көрүнбөй турган; жашыруун. *Кыштак мына ушул ойдуң, көмүскө жерге орношкон* (Таштемиров).
КӨМҮҮ көм этишинин кыймыл атоочу.
КӨМҮШ көм этишинин кош мамилеси.
КӨН I *зат.* Бодо малдын терисинен жасалган ийи жакшы жетилбеген сапатсыз булгаары. *Көн өтүк.*
КӨН II *этиш.* 1. Макул болуу, туура көрүү, моюн сунуу. *Ажал менен өлүмгө Алы жетсе ким көнөт* (Токтогул).
2. Үйрөнүү, көндүм болуу, адет алуу. *Ысык-суукка көнсө, оору-сыркоого алдырбайт* (Бейшеналиев). *Көнбөгөн бейшиңен көнгөн тозогум артык* (макал). *Күчүң барда иштеп көн, Күлүп, жайнап, эр жигит* (Токтогул).
КӨНДҮМ *зат.* Үйрөнгөн адат, өнөкөт, көнүмүш. *Азыр болсо өзүнүн көндүм иштеринин бирин да колуна албады* («САЖИ»).
КӨНДҮР көн этишинин аркылуу мамилеси.
КӨНӨК *зат.* 1. Саан сааганда, суу ташыганда колдонуу үчүн төөнүн терисинен ыштап жасалган идиш. *Үч ийдирип сааганда, Көнөк толгон сүт алдың* (Тоголок Молдо). *Эки көнөк суу көтөрүп келаткан ак саргыл бала томсоруп тура калды* (Аалы).
2. *өт.* Шишиген, көлөйүп шишиген.
◆ **Көнөк баш** — өсүп жетиле элек бака. [*Кыз*] *оң колуна таш алып, чалчык суудагы көнөк баштарды уруп ойноп отурат* (Жантөшев).
КӨНӨКТӨ *этиш.* 1. Көнөк менен ташуу, көнөккө куюп алып туруу. *Көнөктөп суу ташып отурып чарчадым.*
2. Көнөктөн куйгандай катуу жаап кирүү. *Кечетен бери күн көнөктөп жаап, бүгүн түш оой гана басылды* (Баялинов).
КӨНӨКТӨЙ *сын.* Чоңдугу, түзүлүшү көнөк сыяктуу; чоң, зор, дардайган. *Көнөктөй болгон чөвгүндүн бөйрөгү бир жагына майыша баскан баланын шыйрагын койгулайт* (Сыдыкбеков). *Көкөтөйдүн көнөктөй болгон чоң жамбы Манаска тартуу бергени* («Манас»).
КӨНӨЧӨК *зат.* Төөнүн терисинен ыштап жасалган, көнөктөн кичирээк идиш. *Аңдай көнөчөктөгү кымызды бошогон кеселерге куят* (Каимов).
КӨНҮГҮҮ I *зат.* Көнүгүш, машыгыш, үйрөнүш үчүн иштеле турган иш. *54-көнүгүүнү окуп, баяндоочторун белгилегиле.*
КӨНҮГҮҮ II көнүк этишинин кыймыл атоочу.
КӨНҮК *этиш.* Көнүү, үйрөнүү, такшалуу. *Укурук салбас азоолор Жүгөндөп минсең көнүгөт* (Токтогул).
КӨНҮМҮШ *зат.* Көнгөн адат, өнөкөт. *Коно түнөп тоо кезүү Ага бир мүнөз көнүмүш* (Жантөшев).
КӨНҮҮ көн этишинин кыймыл атоочу.
КӨНЧӨК *зат.* 1. Кулак калканынын астыңкы жумшак бөлүгү (сөйкө тагыла турган жери). *Эки кулагынын көнчөгүнө илинген иймектери кыймылдап турат* (Жантөшев).
2. Үйдүн салбыраган төш териси. *Көнчөгү төмөн салбырап, Гудоктой үнү заңгырап, Асыл тукум бүлүлар* (Осмонкул).
◆ **Көйнөк-көнчөк** — ар кандай көйнөктөрдүн жалпы аталышы.
КӨҢ I *зат.* Малдын тапталган (көбүнчө отун катарында даярдалган) кыгы. *Коломтодо койдун нагыз көңүнөн калаган от адамдын жүзүнө кызыл нур берип күйүп турат* (Караалаев).
◆ **Чым көң** — саздак жердеги өсүмдүктөрдүн чириндисинен тапталып пайда болгон отун, жер семирткич жана ар кандай техникалык керектөөлөр үчүн жумшала турган масса, торф. **Кара көң** — ар кандай чириндилер, кык ж. б. калдыктар аркылуу пайда болгон кара кыртыш.
КӨҢ II *туурасы:* **көн I.**
КӨҢДӨЙ *сын.* 1. Бир нерсенин ичиндеги, астындагы боштук. [*Коёндор*] *карга көмүлгөн бадалдардын көңдөйүндө эркинче оттошот* (Каимов). *Чычкан чый-чуй этип, каптын көңдөйүнөн үн салат* (Байтемиров).
2. *өт.* Акылсыз, эссиз. *А, көңдөй байкуш.*
КӨҢДӨЙЛӨ *этиш.* Бир нерсени оюп, тешип көңдөй кылуу. *Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Каимов).
КӨҢДӨЙЛӨӨ көңдөйлө этишинин кыймыл атоочу.
КӨҢКАНА *зат.* Көң сакталуучу, жыйылуучу жай, орун. *Көңканадан көң алып келе коюп, отту жагып жиберди да, чай кайнатты* (Байтемиров).
КӨҢКӨ *зат. эс. сүйл.* Машина. — *Балам, сенин көңкөң менин жээрде атымдан да күлүк белем* (Сыдыкбеков).
КӨҢКҮ *ат.* Жалпы, көп. *Көңкү кыргыз элимди Көрө албайм го деп жүрдүм* (Токтогул).
КӨҢТӨР *этиш.* 1. Төңкөрүү, коңторуу, астын үстүнө келтирүү, оодара салуу. [*Кычан*] *чакадагы.. бөксөргөн сууну көңтөрүп жиберди* (Бейшеналиев).
2. *өт.* Жабыла, түп көтөрө. *Көрдүңөрбү кырк баатыр, Көңтөрө калмак келишти* («Эр Табылды»).
КӨҢТӨРТ көңтөр этишинин аркылуу мамилеси.
КӨҢТӨРҮЛ көңтөр этишинин туюк мамилеси.
КӨҢТӨРҮҮ көңтөр этишинин кыймыл атоочу.
КӨҢТӨРҮШ *зат.* 1. *эс.* Революция, төңкөрүш. *Бул ишке минтип жол ачкан Улуу Октябрь көңтөрүш* (Бөкөнбаев). *Көңтөрүш өрчүп, Эмгекчи телчип, Кыр көрсөттү байларга* (Бөкөнбаев).
2. Төңкөрүш. *Мамлекеттик көңтөрүш.*
КӨҢҮЛ *зат.* 1. Ниет, тилек, пейил. *Кечээтен бери далай киши келип, жакшы санаалуу көңүлдөрүн айтышты* (Байтемиров). *Качан көңүлүңүз келгенде гана иштеңиз* (Тоголок Молдо).

2. Ой, назар, көөн; ой-санаа, ой-пикир. *Бүт көңүлүн билимге Берип турган пионер* (Барпы). *Көз ачып-жумганча [Чокоюн] көңүлүнө алда нече ойлор келип кетти* (Жантөшев). *Көңүл бөлүү. Көңүл коюу. Көңүлү тынуу. Көңүлү жайлануу.*

◆ **Ак көңүл** — көңүлчөөк, бирөөнүн көңүлүн калтырбас, көңүлүн кыйбас, ичине кир сактабаган, кекчил эмес. **Кош көңүл** — 1) эки анжы, эки ойлуу, олкусолку, чечкиндүү эмес; көңүлсүз, көңүл кош. *Койчу.. кош көңүл болуп туруп жооп берди* (Сасыкбаев); 2) талгак. *Күлжан, сен кош көңүл болуп жүрбө* (Байтемиров). **Көңүл кош** — көңүлсүз, кайдыгер. **Көңүл жакын** — көңүлдөш, ынак, жакшы санаалаш. *Алардын ичинде көңүл жакын кишилер бар* (Сыдыкбеков). **Көңүл айтуу** — кайрат айтуу, көңүлүн жубатуу. **Көңүлүн калтыруу** — көңүлүн суутуу, көңүлүн кайтаруу, капа кылуу. *Кычан курбуларынын көңүлүн калтыра албады* (Бейшеналиев).

КӨҢҮЛДӨГҮДӨЙ *сын.* Ойдогудай, каалагандай, талаптагыдай. *Ырас, көңүлдөгүдөй жер экен* (Жантөшев). *Салыктын кыраакы көздөрү үйдүн ичи көңүлдөгүдөй эместигин дароо байкады* (Каимов).

КӨҢҮЛДӨН *этиш.* Көңүлүн салуу, ниеттенүү. *Кызына көйнөк-көнчөк алып берүүгө көңүлдөнүп келген* (Байтемиров).

КӨҢҮЛДӨНТ көңүлдөн этишинин аркылуу мамилеси.

КӨҢҮЛДӨНҮҮ көңүлдөн этишинин кыймыл атоочу.

КӨҢҮЛДӨШ *сын.* Көңүл жакын, санаалаш, ниеттеш. *Көрөмбү деп жүрчү элем, Көңүлдөш сендей теңимди* (Токтогул.)

КӨҢҮЛДҮҮ *сын.* Кубанычтуу, сүйүнүчтүү, көңүлү шат. *Бардыгынын жүзү жарык, көңүлдүү* («Ала-Тоо»).

КӨҢҮЛСҮЗ *сын.* Көңүлү жок; кызык эмес; капалуу. *Ансыз мен да, менсиз ал да көңүлсүз* (Аалы). *Баксыз мага көңүлсүз* (Сыдыкбеков).

КӨҢҮЛСҮН *этиш.* Көңүлдөнүү, көңүлүн салуу, көңүл коюу.

КӨҢҮЛСҮНҮҮ көңүлсүн этишинин кыймыл атоочу.

КӨҢҮЛЧӨӨК *сын.* Бирөөнүн айтканына кирип кете берген, ишенчээк, көңүлгө карама.

КӨӨ *зат.* Көмүрдөн, түтүндөн, оттун кыпындарынан пайда болгон ыш. *Казандын көөсү. Мордун көөсү. Фонардын көөсүн тазалап.. чырагын тышка ала чыкты* («Ала-Тоо»).

◆ **Бетине көө жабуу** — каралоо, уят кылуу. [*Түркүн*] *далайдын убалына калып, далайдын бетине көө жабат* (Бейшеналиев).

КӨӨДӨ *зат.* Көөдөн. *Талып калган Жакыптын Көөдөсүнө бүрккөнү* («Манас»).

КӨӨДӨК *сын.* Мактанчаак, көтөрүлмө, алаңгазар. *Көбүшөт көөдөк жандар өпкөгө окшоп, Сөзүн укса өзүнөн бөтөн эч ким жок* (Борбугулов).

◆ **Ала көөдөк — ала көөдөн менен бирдей.**

КӨӨДӨН *зат.* 1. Көкүрөк, төш. *Көөдөнүн найза аралап, Көкүрөктү жаралап* («Курманбек»).

2. *өт.* Көңүл, ой, ич. *Калтырбай айтып берейин Көөдөндөгү сырымды* (Каралаев). *Көөдөнгө батпай көп санаа, Көзүнүн жашы он талаа* («Эр Төштүк»).

◆ **Ала көөдөн** — алаңгазар, жел өпкө. *Ала көөдөн кишиге Аманат буюм тапшырба* (Осмонкул). [*Алымкул*] *кээ бир ала көөдөндөргө окшоп курулай мактанып, көкүрөк кербеген жигит* (Абдукаримов). **Көөдөнү жок** — акыл-эси кем, алаңгазар, мактанчаак. *Ал эми бай аялдары болсо көөдөнү, жок көпкөлөң, өтө эле обу жок.. болуп калыша турган* (Убукеев). **Көөдөнүн көтөрүү** — менменсинүү, бой көтөрүү, мактануу. *Темирчилик ишине мени эле коё бергиле, — деп Амандык карыя көөдөнүн көтөрдү* (Убукеев).

КӨӨДӨНСҮЗ *зат.* Акылсыз, обу жок, мактанчаак. *Көөдөнсүзгө канчалык айтсаң да, иш ордунан чыкпайт.*

КӨӨКӨР *зат.* Териден ыштап жасалган, оозу кичине идиш. *Көөкөрдө кайнап ачыган, Кымызы шекер ичсең бал* (Үсөнбаев). *Көк шиберди жайкалган, Көөкөрдө кымыз чайкалган* (Үмөталиев).

КӨӨЛГҮ *этиш.* 1. Тынчтыкта болуу, мемирөө. *Көөлгүп жаткан тынчтык.. мыдыр эткен табыш жок. Чапанын.. жамынып көөлгүгөн зайып отурат* (Элебаев).

2. Толуп жайылуу, каптоо, мелмилдөө (суу жөнүндө). *Сары суусу көөлгүгөн чылалуу короо* (Сыдыкбеков).

3. Кенен-чонон, кең-кесири, жайкалуу. *Көөлгүгөн тон.*

КӨӨЛӨ I *этиш.* 1. Көөсүн кетирүү, тазалоо. *Казан көөлөдү. Морду көөлөдү.*

2. Көө жугузуу. *Бети-башын көөлөп алып, кара ала болгон бойдон үйгө кирип келди* («Ала-Тоо»).

КӨӨЛӨ II *этиш.* Казуу, оюу, үңүү. *Жердин түбүн көөлөшүп, Коркпой терең барышкан* (Үмөталиев). *Калың токой ичинде Дүмүрдү көөлөп казамын* (Токтогул).

КӨӨЛӨ III көйлө менен бирдей.

КӨӨЛӨӨ көөлө этиштеринин кыймыл атоочу.

КӨӨЛҮҮ *сын.* Көөсү бар, көө жуккан, көө жугуп кара ала болгон. *Жумушчылар.. көөлүү топуну мата менен чулгап алып аянычтуу да, москоол да көрүнөт* (Сасыкбаев). *Муздак суу Ашырдын көөлүү бетине чалп этип чачылды* (Сасыкбаев).

КӨӨМӨЙ көмөкөй менен бирдей.

КӨӨН *зат.* Көңүл, пейил.

КӨӨНӨ *сын.* Эски, эскирип калган. *Топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген кубакай жигит сүйлөп жаткан экен* («Ала-Тоо»).

КӨӨНӨР *этиш.* Эскирүү, тозулуу. *Анархан куржундан көөнөрүп калган кара ала шайы көйнөктү сууруп алды* (Жантөшев).

КӨӨНӨРТ көөнөр этишинин аркылуу мамилеси.

КӨӨНӨРҮҮ көөнөр этишинин кыймыл атоочу.

КӨӨР *зат.* Өтө кымбат баалуу таш, каухар.

◆ **Колунан көөрү төгүлгөн** — абдан чебер уста, колунан ар нерсе келген чебер. [*Алтын*] *колунан көөрү төгүлгөн киши* (Байтемиров). *Атасы Жакып колунан көөрү төгүлгөн темир уста* (Бейшеналиев).

КӨӨРҮК көрүк менен бирдей.

КӨӨРЧӨК *зат.* Эчкинин сүтүнө кымыз же айран кошуп ачытылган кымыз сыяктуу суюк тамак. *Көөрчөккө үйрөнүп алган койчулар айран ичмек беле* (Аалы). [*Койчулар*] *беш эчкинин сүтүн саап көөрчөк кылышты* (Жантөшев).

КӨӨСӨР *сын.* Көөдөк, аңкоо, мактанчаак, көтөрүлмө, алаңгазар. *Көтөрүлүп көп сүйлөп, Көөсөр жүргөн келең бар* (Тоголок Молдо).

КӨП I *сан.* 1. Арбын, мол, аз эмес. *Көп баатырдан жоо кетет, көп чеченден доо кетет* (макал).

2. Узак мезгил, бир топ убакыт. *Көпкө чейин тиктеп турду. Көпкө созулду.*

3. Эл, көпчүлүк, масса, *Бекерге кетпес түбүндө Көпкө кылган кызматым* («Курманбек»).

◆ **Көп чекит** *к.* **чекит.**

КӨП II *этиш.* Ачыганда, нымдалганда, жел өткөндө ж. б. учурларда заттын көтөрүлүшү, кеңейиши. *Ачи көптү. Камыр көптү. Эшик сууга нымдалып, көвп калды.*

2. *өт.* Бой көтөрүү, өзүн жогору саноо, кыйын ойлоо. *Мурдуңду бөвдө көтөрүп, Көппөгүлө, балдар-ай* (Барпы).

КӨПКӨЛӨҢ *сын.* 1. Көпкөн, мактанчаак, көөп турган, көтөрүлгөн, менменсинген. *Чалкалмак.. өзүнө киши теңебеген көпкөлөң неме* («Эр Табылды»). *Камчыны сылай таштаган көпкөлөң уландар* (Сыдыкбеков).

КӨПКӨНЧҮЛҮК *зат.* Көпкөндүк, менменсингендик, бой көтөргөндүк.

КӨПӨЛӨК *зат.* 1. Ар түрдүү түстөгү кош канаты бар кичине жандык. *Калкан көпөлөк. Капуста көпөлөгү.*

2. *өт.* Баланы эркелетүүдө айтылуучу сөз. *Балакетиңди алайын көпөлөгүм* (Сыдыкбеков).

КӨПӨС *зат. сүйл.* Купец.

КӨПӨШ көпөс менен бирдей.

КӨПСҮН *этиш.* Көп деп сезүү, көп көрүү. *Көпсүнбөйлүк буга деп, Көңүлү чөгүп калганы* («Манас»). *Көпсүнүп мага келген соң, Көрөмүн кантип чоңдугун* («Манас»).

КӨПСҮНҮҮ көпсүн этишинин кыймыл атоочу.

КӨПТӨ *этиш.* Биргелешип, көпчүлүк болуп жабылып иштөө, аракет кылуу. *Көптөсөк кулатабыз аскар тоону* (Үмөталиев). *Көзү жетти баатырдын Көптөсө кармап аларды* («Манас»).

КӨПТҮР көп этишинин аркылуу мамилеси.

КӨПҮРӨ *зат.* Суудан, терең сайдан, андан ж. б. өтүү үчүн салынган же атайлап курулган өткөөл. *Асма көпүрө. Аркы өйүздөгү токой байлыгына баруу үчүн жол жана көпүрө салынып жатат* (Жантөшев).

◆ **Кыяматтын кыл көпүрөсү** — 1) диний түшүнүк боюнча: тиги дүйнөгө барганда өтө турган тозоктун көпүрөсү; 2) *өт.* кыйынчылык, катаалдык.

КӨПЧҮК *зат.* Көрпөчөдөн кичине ээр жапкыч. *Алача көпчүк салыңар, Алтын быштаң тагыңар* («Манас»).

КӨПЧҮЛҮК *зат.* Эл, журт, калк. *Береке да, күч да көпчүлүктө* (Жантөшев). *Ар бир иштин прогрессивдүү методдорун көпчүлүккө жайылтуу керек* (Жантөшев).

КӨПШӨК *сын.* Бош, болбурак, борпоң; чың эмес. *Көпшөк кар. Үлп эткен желге куурайдын көпшөк күлү жогору көтөрүлүп жатты* (Таштемиров). [*Сапар*] *силердей көпшөктөрдөн алда канча тыңмын деп, моюн бербейт* (Бейшеналиев). *Түртүп койсо жыгылчуудай көпшөк көрүнөт* (Байтемиров).

КӨР I *зат.* Мүрзө, кабыр. *Көр казып жаткандар бери карата чубап калышты* (Жантөшев).

◆ **Көр турмуш** — абдан кыйын, оор турмуш. **Көр оокат** — жабыркаган, жетишпеген оокат. **Көр-жер** —жалпы элемайдачуйда буюмдар. *Үй-ичке керектүү көржер, камдайбызбы* (Бейшеналиев). **Көр чеңгел** — чоң чеңгел, баарын бир шыпырып кетсе толбогон чеңгел же обору ач, тойбогон киши маанисинде. **Көр казуу** — бирөөгө жамандык кылуу, жамандык издөө. **Көр азап** — оор азап, кыйын турмуш. *Көр азабын көрүптүр, Жети жыл анда жүрүптүр* («Манас»). **Көрбөгөнү көр болуу** — кыйынчылыкта болуу, азап-тозокко дуушар болуу. *Көрбөгөнүм көр болду, Кирбегеним жер болду* («Эр Табылды»). **Көр оозунда** — өлүм алдында. **Көр байге**—кадырлуу адамдар өлгөндө ат чаптырып, ошого берилүүчү байге. **Көр жеме** — майда жемечил, майда жеме. *Көр жеме кайнатамдын көрсөтпөгөнү калган жок* («Ала-Тоо»). *Чыдай албайм сенин көр жемеңе* (Байтемиров).

КӨР II *сын.* Сокур. *Боорум үшүп чер болду, Көзүм көрбөс көр болду* (Тоголок Молдо).

КӨР III *этиш.* 1. Көз жүгүртүү, көрүү сезими менен байкоо. *Көрбөс төөнү да көрбөйт* (макал).

2. Баам кылуу, ушундайча деп эсептөө, сезүү. *Жек көрдү. Эп көрдү. Жакшы көрдү. Жаман көрдү. Көп көрдү. Өвн көрдү. Кем көрдү.*

3. Дуушар болуу, башынан кечирүү. *Азап көрдү. Ыза көрдү. Жабыр көрдү.*

4. Жардамчы этиш катарында колдонулат. *Айта көр. Тие көрбө. Бере көрбө.*

◆ **Көрө албоо** — ичи тарлык кылуу.

КӨРГӨЗ *этиш.* Көрсөтүү, билдирүү, сездирүү. *Көнөк оору болбосоң, Көргөзсөң доктор таппайбы* (Осмонкул). *Эпкиндүүнүн белгиси—Эмгегин элге көргөзгөн* (Осмонкул).

КӨРГӨЗМӨ *зат* 1. Көпчүлүккө көр-

сөтүлүүчү нерселердин жыйындысы жана аларды коюучу жай, орун. [*Купеде*] *айыл чарба көргөзмөсүнө бараткан эки бала* (Байтемиров). *Республикалык сүрөт искусствосунун көргөзмөсү ачылды* («Советтик Кыргызстан»).

2. Көрсөтмө, колдонмо. *Большевик депутаттар лениндик көргөзмөлөрдү колдонушкан* («Коммунист»).

КӨРГҮЛҮК *зат.* Кыйынчылык, кордук, азап. *Бул темир жол орноло электе малдын жону кетип,.. адамдардын колу ооруп, таманы жооруп, көргүлүктү көрүшчү* (Сасыкбаев).

КӨРК *зат.* Кооздук, көркөмдүүлүк, сулуулук, сымбат. *Кыздын жакшынакай көркүнө кайра-кайра карагысы келди* (Сыдыкбеков). *Рамкасыз портреттин көркү болбойт экен* (Жантөшев).

КӨРКОО *зат.* 1. Көрдү ачып жегич жырткыч (көбүнчө карышкыр). *Көркоо карышкыр укту, Жүрөгү чыкты* (Шүкүрбеков).

2. *өт.* Эзүүчү, зулум, жегич. *Жүзбай пейли бузук.. ичи тар.. көркоо адам болучу* (Каралаев).

КӨРКӨМ *зат.* Көрк, кооздук. *Көзүм толкуйт көркөмүңдү көргөндө* (Алыбаев). *Билбегем мындан артык жер көркөмүн* (Абдыраманов).

КӨРКӨМДӨ *этиш.* Кооздоо, көркүнө келтирүү, жасалгалоо. *Анда көркөмдөп жасалган чырактар метро ичине таң шооласын чачыратат* (Байтемиров).

КӨРКӨМДӨӨ көркөмдө этишинин кыймыл атоочу.

КӨРКӨМДӨТ көркөмдө этишинин аркылуу мамилеси.

КӨРКӨМДҮК *зат.* Кооздук, сулуулук. *Көлдүн айланасына өскөн камыш, балгын, жскендер көлдүн.. көркөмдүгүн арттырат* (Жантөшев).

КӨРКӨМДҮҮ *сын.* Коюз, келишимдүү, көрктүү. *Көркөмдүү салган үйлөр көп, Көз тоёт шаңдуу айылга* (Осмонкул). *Көркөмдүү жайлоо Көк-Ойрок, Көбөйгөн малы өрүштөн* (Үсөнбаев).

КӨРКТӨ *этиш.* Көркөмдөө, кооздоо, түрдөө, сулуулоо, көркүнө чыгаруу. *Табиятты багынткан, Талааны көрктөп жаңыртkан* (Нуркамал).

КӨРКТӨН көркто этишинин өздүк мамилеси.

КӨРКТҮҮ *сын.* Сулуу, кооз, көркөмдүү, жарашыктуу, келишимдүү. *Көрктүү болсун баары деп, Күмүштөн жабдык салынган* («Курманбек»). *Көпкө жаккан көрктүүдөн, Көк сүлөвсүн бөрктүүдөн, Көрүп куда болоюн* («Манас»).

КӨРКТҮҮЛҮК *зат.* Сулуулук, кооздук, көркөмдүүлүк, келишимдүүлүк.

КӨРМӨКСӨН: көрмөксөн болуу — көрүп турса да көрбөгөн сыяктуу болуу, көрбөй калымыш болуу, байкамаксан болуу. [*Керимбай*] *аларды көрмөксөн болуп жер карап өттү* (Каимов). *Билмексен, көрмөксөн болуп, иштеген ишин уланта берет* (Байтемиров).

КӨРӨГӨН *сын.* Көрөгөч, көрөнөөк, кыраакы. *Кыраакы баатыр көрөгөн, Кыйкырышкан жоо келсе, Кызыл канга бөлөгөн* («Семетей»).

КӨРӨГӨЧ *сын.* 1. Көзү курч, көрөнөөк. *Көрөгөч менен жер тыңшар, Желжетпес менен үч Маамыт Жибек торду алды эле* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Кыраакы, көсөм, билгич. *Алп мүчөлүү кең далы, Ии кыйшыгын көрөгөч Балбанына кубанам* (Осмонкул). *Айланасында болуп жаткандарды жакшы байкаган, анын кыраакы, көрөгөч киши экендиги көрүнөт* («САЖИ»).

КӨРӨГӨЧТҮК *сын.* 1. Көзү курчтук, көрөнөөктүк. *Сен мага караганда жаштык, көрөгөчтүк кылдың.*

2. *өт.* Кыраакылык, алдын ала билгичтик, сезгичтик. *Лениндин көрөгөчтүк менен айткан ойлору, биринин артынан бири турмушка ашты* («Кыргызстан пионери»).

КӨРӨНӨӨК *сын.* Көрөгөн, көзү курч, кыраакы. *Ажыратып таануы үчүн, демек, Көрөнөөк көз, уганаак кулак керек* (Борбугулов). *Айбандар адамдарга караганда түнкүсүн көрөнөөк болот* (Каимов).

КӨРӨҢГӨ *зат.* 1. Кымыз, бозо, максым сыяктуу тамактардын ачыткысы, аларды ачытуу үчүн калтырылган бөлүгү.

2. *өт.* Негиз, жук, кудурет. *Оокаттиричиликтин көрөңгөсү түгөнүп, барган сайын жакырлана баштадык* («САЖИ»). *Ары жагында көрөңгөсү жок болгон соң, куру бекер күчөнүп ырдайм дей бергендин пайдасы барбы* («Ала-Тоо»).

КӨРӨҢГӨЛӨН *этиш.* Көрөңгөлүү болуу, жуктануу, ирденүү. *Силер мурдагыдай болбой, анча-мынча көрөңгөлөнүп калдыңар* («Ала-Тоо»).

КӨРӨҢГӨЛӨНҮҮ көрөңгөлөн этишинин кыймыл атоочу.

КӨРӨҢГӨЛҮҮ *сын.* 1. Көрөңгөсү жетиштүү, көп. *Көрөңгөлүү саба. Көрөңгөлүү бозо.*

2. *өт.* Жуктуу, оокаттуу, жетиштүү. *Бизге караганда алар* [*Тешебайлар*] *көрөңгөлүү, оокат-тиричилиги жуктуу* («САЖИ»)

КӨРӨӨГӨН көрөгөн менен бирдей.

КӨРӨӨГӨЧ көрөгөч менен бирдей.

КӨРӨСӨН *сын.* Көркөм, келишимдүү, келбеттүү, көрктүү. *Көрөсөн Манас кол баштап, Кериле басып кубулуп* (Маликов).

КӨРӨСӨНДҮҮ *сын.* Көркөмдүү, келбеттүү, келишимдүү, сулуу, кооз. *Денин жайып жаркыраган, Көрөсөндүү жер менен* (Маликов).

КӨРПӨ *зат.* 1. Козунун, улактын тармал жүндүү териси. *Көрпөдөн ичик кылайын, Көбөсүн макмал кынайын* (Токтогул). *Атама бир көрпөнү бекер берип.. койсо эмне болот* (Жантөшев).

2. Ичке төшөк.

3. *диал.* Жууркан-төшөк.

◆ **Көрпө беде** — өсүп жетиле элек жаш беде. *Көрпө бедеге ат чалдырып алууга токтоп калдык* («САЖИ»).

КӨРПӨЧӨ *зат.* Ээрдин үстүнө салып тартыла турган кичине төшөк. *Кара бул-*

гаары тыштаган анжыян ээрге кара баркыт көрпөчө салынган (Байтемиров).

КӨРСӨ *мод.* Бир нерсенин жөн-жайын, эмне экенин аныктоо маанисинде киринди сөз катарында колдонулат. *Ал, көрсө, мор ордуна коюлган түбү түшкөн карапа тура* (Сыдыкбеков).

КӨРСӨТ *этиш.* Көргөзүү, билгизүү, сездирүү. *Байбиче, келиңиз, көрсөткөн орунга отуруңуз* (Сыдыкбеков). *Ишти туура көрсөтүп, Балдарга баш-көз болуңар* (Жантөшев). [*Жалпетеков*] *шоферге контораны көрсөттү* (Убукеев).

◆ **Кыр көрсөтүү** — чоңсунуу, көтөрүлө сүйлөө, сес кылуу. **Сес көрсөтүү** — сесин алуу, коркутуу. *Кычан колун серпип сес көрсөттү* (Бейшеналиев).

КӨРСӨТКҮЧ *зат.* Бир нерсенин жыйынтыгын, өнүгүш деңгээлин ж. б. жактарын аныктоого мүмкүндүк берүүчү далил, маалымат. *Анын бригадасынын көрсөткүчтөрү эң мыкты* («Коммунист»). *Биз ишибиздин темпин мындан ары да күчөтүп, тапшырмаларды жогору көрсөткүчтөр менен аяктоого күрөшөбүз* («Советтик Кыргызстан»).

КӨРСӨТМӨ *зат.* Иштин багыты, тартиби жөнүндө жол-жобо, кандай иштөө жолу. *Ал колхоздун бүт активин чогултуп алып, көрсөтмө берди* (Каимов).

КӨРСӨТҮҮ көрсөт этишинин кыймыл атоочу.

КӨРСӨТҮШ көрсөт этишинин кош мамилеси.

КӨРҮК *зат.* Темир усталардын теридеп жасаган от үйлөткүч шайманы. *Ал келгенче барсанчы көрүктүн отун тутандырып койгон эле* (Байтемиров).

КӨРҮКЧҮ *зат.* Көрүк басуучу киши.

КӨРҮМДҮК көрүндүк менен бирдей.

КӨРҮН көр этишинин өздүк мамилеси.

КӨРҮНДҮК *зат.* Жаңы төрөлгөн баланы, жаңы келген келинди, кайыпдап барган жаңы күйөөнү ж. б. көрүү үчүн берилген сый, белек. *Татыбекти көрүп көрүндүк, сүйүнчү доолашат* (Байтемиров).

КӨРҮНӨ *такт.* Ачык, көз менен көрүүгө болгудай. *Жаш акын келип отурду Көлөкө жерге көрүнө* (Шамшиев).

КӨРҮНҮКТҮҮ *сын.* Белгилүү, көзгө көрүнөрлүк, таанымал. *Силердей эле мотураңдап окуп жүрүшүп, эми республиканын көрүнүктүү адамдары болуп отурган агайларыңар эң эле көп* («Жаш ленинчи»). *Вера.. уйлардын сүт продуктуулугун жогорулатууда көрүнүктүү ийгиликтерге жетишти* («Советтик Кыргызстан»).

КӨРҮНҮШ *зат.* 1. Бир нерсенин көзгө учураган жалпы белгилери, сырткы кебетеси, түрү, турпаты. *Каныбек.. айлананын көрүнүшүнө суктанды* (Жантөшев).

2. Драмалык чыгарманын бир бөлүмү.

3. Абал, жагдай. *Иштин бул көрүнүшү азырынча бизди жыргаткыдай эмес* («Чалкан»).

4. Кубулуш. *Жаратылыштын ар кандай көрүнүштөрү.*

КӨРҮСТӨН *зат.* Өлгөн адамдар көмүлгөн жай, мүрзө, бейит. [*Жылдызканды издеп*] *көрүстөндөн башка жердин баарын кыдырды* (Байтемиров).

КӨРҮҮ көр этишинин кыймыл атоочу.

КӨРҮШ *этиш.* 1. **көр** этишинин кош мамилеси.

2. Кездешүү, жолугушуу. *Ооба, эжекелер, аман болсок эртең эле көрүшөрбүз* (Сыдыкбеков).

КӨСӨ *этиш.* Күйүп жаткан отунду көсөө менен ары-бери которуштуруу, ичкертүү, ыйгаштыруу. *Мергенчи отту көсөп, чыжылдап жаткан таш кордону оңдоп койду* («САЖИ»). *Каныбек тиштене коломтодогу кызарып жаткан чокту көсөп-көсөп алды* (Жантөшев).

КӨСӨМ *зат.* 1. Койлорду баштап жүрүүчү теке.

2. Көптү көргөн, жол көрсөтүүчү акылман, кыраакы, даанышман; жол башчы. *Жакшы жүрүп үлгү алгын Көптү билген көсөмдөн* (Сыдыкбеков). *Көптү көрбөй көсөм болбос* (макал).

КӨСӨМДҮК *зат.* Акылмандык, даанышмандык, кыраакылык. *Салышып жоого мал болгон Көсөмдүгү бар экен* («Манас»).

КӨСӨМСҮН *этиш.* Өзүн көсөм катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, көсөм сыяктануу.

КӨСӨМСҮНҮҮ көсөмсүн этишинин кыймыл атоочу.

КӨСӨӨ I *зат.* От көсөшкө, отту кагыштырып, ичкертип турушка ж. б. колдонулуучу кыска таякча. *Көргөн—көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат* (макал). *Көсөөнү колуна алып, алдына чок тартты* (Убукеев).

◆ **Кара көсөө** — эгиндин данын кара көөгө айландырып жиберүүчү илдет.

КӨСӨӨ II *сын.* Сакал-мурут чыкпаган, сакал-муруту өтө сейрек. *Муслимахун сакал-мурут жок көсөө* (Жантөшев).

◆ **Көсөө куйрук** — кыска, сопол куйрук.

КӨСӨӨ III көсө этишинин кыймыл атоочу.

КӨТӨР *этиш.* 1. Мурунку ордунан өйдөлөтүү, жогоруга чыгаруу, колго алуу. *Калк жабыла кетмен, күрөктөрүн көтөрдү* (Убукеев). *Туу көтөргөн элди ырдайлы, Асты токто дебечи* (Маликов).

2. Көтөрмөлөө, колдоо, өстүрүү, жогорулатуу. [*Чоголоев*] *жаштарды көтөрүп жатат. Мунун баары жакшы иш* (Каимов). *Тарбиялап көтөрдүң Кедей менен жакырды* (Барпы).

3. Куруу, тургузуу, тигүү (дубалды, боз үйдү ж. б.). *Көтөрүп койгон үйү жок, Көрүшүп келген бийи жок* («Эр Табылды»). *Бул дубалды ким көтөргөн?* (Турусбеков).

4. Ишке, кызматка, бийликке коюу, дайындоо. *Алты миң түтүн кыргызга Хан көтөрүп коёюн* («Эр Табылды»).

5. Бийиктетүү, катуулатуу (мис., үндү, дабышты). *Салык ишенимдүүлүк менен үнүн көтөрө сүйлөдү* (Каимов). *Нагыз элдик обонго салып, кайруусун бийигирээк көтөрөт* (Сыдыкбеков).

6. Чыдоо, моюн сунуу, көнүү. *Эркелесем эркелегим көтөргөн, Менин энем—кагылайын кыргыз эл* (Үмөталиев).

7. Ичип жиберүү (ичкиликти). *Кана, жеңиштен кийин таттуу көрүшүү үчүн ушул ачуу аракты көтөрөлүк* (Сыдыкбеков).

◆ **Баш көтөрүү** *к.* **баш. Бой көтөрүү** *к.* **бой. Көөдөнүн көтөрүү** *к.* **көөдөн. Мурдун көтөрүү** *к.* **мурун I. Сиркеси суу көтөрбөө** — чыртылдоо, кыртышы сүйбөө, эч нерсенин жактырбоо. **Көкүрөгүн көтөрүү** *к.* **көкүрөк. Түп көтөрө** — жабыла, жапырт, баары тең. *Түп көтөрө эл-журттун Баарын чогуу жыйнады* («Эр Төштүк»). *Бүгүн таң азандан тартып эле бүткүл Ак-Буура бою түп көтөрө ордунан турду* (Абдукаримов).

КӨТӨРГҮЧ *зат.* Жүктү, ар кандай оор салмактуу нерсени көтөрүү, же бир жерден экинчи жерге көтөрүп жылдыруу ишин аткарган механизм.

КӨТӨРМӨ *зат.* 1. Ташкынды, селди токтотуш, бууш же көлмөнү тегерете тосуш үчүн кырдалган жээк. *Мына ошол арык көтөрмө болуп иштелгендиктен, кокусунан бир жеринен жырылып кетсе пахтаны суу басып кетпесин* («САЖИ»).

2. Алган карызы үчүн жумуш иштеп берүүгө же алганын берип, эгерде мөөнөтүнөн ашып кетсе, көбөйтүп төлөй турган карыз, насыя. *Келерки жылдын эсебинен көтөрмө алат* (Абдукаримов). *Көтөрмөгө акча берди.*

3. Аркандан кыска, отунду ж. б. таңып көтөрүүгө ылайыктап эшилген жип. [*Эркингүл*] *отун ала келүү үчүн көтөрмөсүн белине чала койду* (Жантөшев). *Алым керегенин башындагы чот менен көтөрмөнү алып чыгып кетти* (Жантөшев).

КӨТӨРМӨЛӨ *этиш.* 1. Колдоо, көтөрүү, өйдөлөтүү.

2. Карызгалоо, насыялоо. *Токо,.. бирөөдөн көтөрмөлөп кой, таап коём* (Бөкөнбаев).

КӨТӨРМӨЛӨӨ көтөрмөлө этишинин кыймыл атоочу.

КӨТӨРТ көтөр этишинин аркылуу мамилеси.

КӨТӨРҮЛ 1. көтөр этишинин туюк мамилеси.

2. Бой көтөрүү, мактануу. *Берди командирин да кошо бийлөөчүдөй көтөрүлүп койду* (Жантөшев). *Көтөрүлүп көп сүйлөп. Бөлбөй ишке күлбөгүн* (Токтогул).

КӨТӨРҮЛҮШ *зат.* Таптык жана улуттук кызыкчылыкты коргоо, же болбосо эски коомдук түзүлүштү кулатып, жаңы коомдук түзүлүштү орнотуу максатында эмгекчи массанын бийлик жүргүзүп турган эзүүчү тапка каршы күралдуу күрөшү. *Эски доордун элесин да билбеймин, Төрөлүпмүн көтөрүлүш жылында* (Аалы).

КӨТӨРҮМ I *зат.* Отундун, чөптүн ж. б. таңып көтөрүүгө мүмкүн болгон көлөмүн билдирүүчү өлчөм. *Бир көтөрүм отун. Алган отундары эки-үч көтөрүмдөй болот.*

КӨТӨРҮМ II *сын.* Аягы менен басып тура албаган, каруусу жок, абдан арык. *Камылгаңарды жакшы көрүп, малыңарды көтөрүм кылбай жакшы баккыла* (Абдумомунов). *Жылкылардын көпчүлүгү арык жана көтөрүм* («Чалкан»).

КӨТӨРҮҢКҮ *сын.* Бийик, бийигирээк, жогору, жогорураак; шат, шаңдуу. *Капитан бир көтөрүңкү жерге чыга бергенде кайрылып тура калды* (Жантөшев). *—Түшүнүктүүбү? — деди Каныбек көтөрүңкү үн менен* (Жантөшев). *Кыздын көңүлү ого бетер көтөрүңкү* (Сыдыкбеков).

КӨТӨРҮҮ көтөр этишинин кыймыл атоочу.

КӨТӨРҮШ көтөр этишинин кош мамилеси.

КӨЧ I *зат.* Бир орундан экинчи орунга конуш кылуу үчүн келе жаткан жүк, кире. *— О, жеңелер, көч байсалдуу болсун!* [*деди Дайыр*] (Жантөшев). *Чыгыш тараптагы жол менен кетип бараткан калың көч Шамырбек датканын көчү* (Жантөшев).

КӨЧ II *этиш.* 1. Конуш же орун которуу үчүн бир жерден экинчи жерге карай жүктөрү менен жөнөө. *Биздин айыл Ат-Башыдан күзүндө көчтү* («Ала-Тоо»).

2. Шахмат, шашка, тогуз коргоол ж. б. оюндарда ташты, фигураны жүрүү, бир клеткадан же бир уядан экинчисине жылдыруу. *Абышка шарактатып кумалактарды көчүп жаткан экен* (Убукеев).

3. Өтүү, биринен экинчисине түшүү. *Талашып отурбай ыгына көчө калат* (Жантөшев). *Кой, сөздүн ачыгына көчпөсө болбойт* (Каимов). *Мына, иш чынына көчө турган болду* (Каимов). *Динаржан, сен ал жылы бешинчи класска ганө көчөсүң* (Сыдыкбеков).

КӨЧКҮ *зат.* Тоонун бийик бетинен ылдый карай сойголонуп түшүүчү терек, калың кар. *Казапчы байдын коюн койчусу менен көчкү алыптыр* (Аалы).

КӨЧМӨ *сын.* Кыдырма, көчүп жүрмө. *Көчмө кино. Көчмө дүкөн.*

КӨЧМӨН *сын.* Отурукташпаган, бир жерден экинчи жерге көчүп жүргөн. [*Мурун*] *көчмөн эл.. Боом капчыгайынын далай азаптарын тарткан* (Сасыкбаев).

КӨЧМӨНДҮҮ көчмөн менен бирдей.

КӨЧӨ *зат.* Калк отурукташкан жердеги эки жээгине катар-катар үйлөр салынып, ортосунан жол өткөрүлгөн узун тилке. *.. Машина «Б» кыштагынын мелтиреген кең көчөсүн аралай берди* (Сыдыкбеков).

КӨЧӨТ *зат.* 1. Кийин көчүрүп тигиш үчүн питомникте же башка ылайыкталган жайда уругунан же болбосо чырпыктарынан көөмп өндүрүлгөн жаш өсүмдүк. *Алманын көчөтү. Капустанын көчөтү.*

2. Нерсенин бетине кооздолуп түшүрүлгөн оймо-чийме, түр, сайма. *Түрлүү көчөт гүлү бар Килеми сонун кыргыздын* (Барпы).

3. Бирөөнүн оорусун башка бир нерсеге (ташка ж. б.) дубалап көчүрүп, аны алыс алып барып таштоо менен оору киши айыгат деген түшүнүк боюнча дарымдоо жолу.

КӨЧӨТТӨ *этиш.* 1. Көчөт тигүү, көчөттөрдү бир жерден экинчи жерге көчүрүү. *Көчө салган айылга Көчөттөп тиккен тал кызык* (Осмонкул).

2. Оймо-чийме түшүрүү, саймалоо, түрдөө.

КӨЧӨТТҮҮ *сын.* 1. Көчүрүлө турган көчөттөрү бар, көчөтү көп.

2. Оймо-чиймелүү, саймалуу, түр, көчөт салынган. *Түшүнда көчөттүү сонун килем тартылып туруучу* (Сыдыкбеков).

КӨЧҮК *зат.* 1. Адамдын, жаныбарлардын белден төмөнкү, куймулчак жаккы бөлүгү, куйруктун түбү. *Көчүккө коюп отурар бирдеме изден, үйгө кирдим эле* («Ала-Тоо»). *Ок аюунун көчүк жагына тиет* (Баялинов).

2. Нерсенин арткы бөлүгү, арт жагы, этек жагы, аяк жагы. *Андрей мылтыгынын көчүгү менен тактайды акырын такылдатып койду* (Сасыкбаев).

◆ **Бел көчүк** — адамдын, жаныбарлардын белден куйрукка чейинки бөлүгү. *Жоон санына, бел көчүгүнө минанын чачырандылары тийген* («Советтик Кыргызстан»). **Сегиз көчүк**—куймулчак менен арка омурткасынын асташкан жери. **Чөп көчүк** — жүүнү бош, бөлбүрөк (атка жүрө албаган бош киши жөнүндө). **Көчүк басуу, көчүк коюу** — отуруу, жай алып отуруу, бир аз отуруу. *Кузьма көчүгүн басып, колундагы түйүнчөгүн жерге аярдап койду* (Сасыкбаев).

КӨЧҮКТҮҮ *сын.* Көчүгү чоң, көчүк жагы жазы.

КӨЧҮР *этиш.* 1. Бир орундан экинчи орунга которуу, орун алмаштыруу, башка жайга которуу. *Корчу ажынын кемпирин коңшулары менен көчүрүп келгиле* (Аалы).

2. Көчөттөрдү отургузуу, тигүү. *Түрлүү-түрлүү өсүмдүк Өндүрүп алып көчүрдүк* (Тоголок Молдо). *Мичурин кээде алма жыгачын таштакка көчүрчү экен* (Сыдыкбеков).

3. Мурун жазылганды кайрадан жазып чыгуу, которуп жазуу. *Кээде сыгып жүз барактын ичинен Сөздү терет бир топ жолун көчүрүп* (Аалы).

4. Мурункусунан башкага которуу, башкача кылуу. *Ал айылдыктар өзүнүн колхозун Чапаевдин атына көчүрүшкөн* (Бейшеналиев).

КӨЧҮРМӨ *зат.* Мурунку жазылгандан көчүрүп жазылган жазуу, бир нерсенин көчүрүлгөн үлгүсү. *Анын кагаздарын карап отуруп ал заседателдин биринчи катын жана ага берилген жооптун көчүрмөсүн гана тапты* («САЖИ»).

КӨЧҮРТ көчүр этишинин аркылуу мамилеси.

КӨЧҮРҮҮ көчүр этишинин кыймыл атоочу.

КӨЧҮРҮШ көчүр этишинин кош мамилеси.

КӨЧҮҮ көч этишинин кыймыл атоочу.

КӨШ *зат.* 1. *диал.* Эт.

2. Кызыл эт. *Өтүк бутумду кызыл көш кылып жоорутту.*

КӨШӨГӨ *зат.* 1. Көргөзбөй далдалап туруу үчүн үйгө, сахнага тартылчу узун жазы парда. [*Апар*] *Купуяга бирдеме деп шыбырап койду да, дароо көшөгөгө кирип кетти* (Аалы).

2. Драмалык чыгарманын орчундуу бир бөлүгү. *Үч көшөгөдөн турган пьеса.*

◆ **Көшөгөң көгөрсүн** — бак-таалайлуу, өмүрлүү бол деген мааниде көбүнчө жаштарга айтылуучу тилек. — *Ыракмат кызым! Көшөгөң көгөрсүн!* — деп [*кемпир*] *үнүн каргылдантты* (Байтемиров).

КӨШӨГӨЛӨН *этиш.* Далдалануу, көшөгөнүн ичине жашынуу; уялуу, уялып жүзүн көрсөтпөө, жүзүн калкалоо.

КӨШӨГӨЛӨНҮҮ көшөгөлөн этишинин кыймыл атоочу.

КӨШӨКӨР *сын.* Кошоматчы, бирөөгө жагынма. *Көшөкөр жигит. Көшөкөр киши.*

КӨШӨКӨРЛӨН *этиш.* Кошомат кылуу, бирөөгө жагынуу. *Умсунайга да бир топ көшөкөрлөндү* (Сыдыкбеков).

КӨШӨКӨРЛӨНҮҮ көшөкөрлөн этишинин кыймыл атоочу.

КӨШӨКӨРЛҮК *зат.* Бирөөгө жагынуучулук, кошоматчылык.

КӨШӨР *этиш.* Көктүк кылуу, көгөрүү, өз билгенинен кайтпоо, өжөрлөнүү. *Батыш билбейм деп көшөрүп туруп алды* (Байтемиров). *Канчалык жүйө сөз айтсам да, Көшөрүп чалым болбоду* (Маликов).

КӨШӨРҮҮ көшөр этишинин кыймыл атоочу.

КӨШҮ *этиш.* Мемиреп каалгып кетүү. *Бешиктеги көшүп бара жаткан уулун тиктеп.. [Жийдегүл] ырдай баштады* (Сасыкбаев). *Адыл болсо көшүдү* (Жантөшев).

КӨШҮЛ көшү этишинин туюк мамилеси.

КӨШҮЛҮҢКҮ *сын.* Мемиреген, тыптынч. *Түн кандайдыр көшүлүңкү эле* (Сасыкбаев). *Таңга маал көлдүн бети.. көшүлүңкү тартып жатты* (Сасыкбаев).

КӨШҮТ көшү этишинин аркылуу мамилеси.

КӨШҮҮ көшү этишинин кыймыл атоочу.

КРАБ *зоол.* Он буттуу деңиз чаяны.

КРАЙ *зат.* 1. Өлкө, жер, мекен. *Мен үч жолу экскурсияга барып, өз крайымды тааныу менен бирге, мектебиме да керектүү материал топтоп келдим* (Таштемиров).

2. Административдик-территориялык ири бөлүм. [*Телеграмма*] *Алтай крайындагы бир фабрикада иштөөчү Андрейден алынган* (Сасыкбаев).

КРАЙЛЫК *сын.* Крайга таандык (2-мааанисинде).

КРАН I *зат.* Газды же суюк нерселерди агызып алуу үчүн жасалган затворлуу трубка.

КРАН II *зат. тех.* Оор нерселерди көтөрүү же бир жерден экинчи жерге жылдыруу ишин аткарган механизм. *Асма кран моюн суна куркүрөп жыла баштады* (Сасыкбаев).

КРАХМАЛ *зат.* 1. Көпчүлүк өсүмдүк-

түн жашыл бөлүктөрүндө болуучу өзгөчө составдагы углевод.

2. Айрым өсүмдүктөрдүн составынан алынып, тамак, химия өнөр жайларында колдонулуучу даамсыз ак порошок. *Картошка крахмалы. Жүгөрү крахмалы.*

КРЕДИТ I *зат. бухг.* Кириш-чыгыш книгаларынын бардык расходдолуучу нерселерди жана ошол счёт боюнча карыздар менен расходдорду каттап коймо оң жаккы бети; дебет деген түшүнүктүн карама-каршысы.

КРЕДИТ II *зат.* **1.** Акчаны же товарды карызга берүү.

2. Белгилүү бир расходго берилген акча суммасы. *Саламаттык сактоого берилген кредиттер.*

КРЕДИТОР *зат.* Акчаны же товарды бирөөгө карызга берүүчү адам же мекеме.

КРЕЙСЕР *зат.* Күчтүү артиллериялык, торпедалык жана мина жабдуулары бар, чалгындоо, күзөтүү максатына же активдүү согуш аракеттерине колдонулуучу тез жүрө турган ири согуш кемеси.

КРЕМ *зат.* **1.** Пирожное, торт даярдоо үчүн жумуртка, сироп ж. б. кошуп, каймак, сүт, майдан жасалган таттуу, коюу зат. *Кофе креми. Крем кошулган торт.*

2. Бети-колду агартуу, жумшартуу ж. б. максаттар үчүн жумшалуучу косметикалык май.

3. Бут кийимдерди тазалоо, майлоо үчүн жумшала турган жогорку сапаттагы май, өтүк май.

КРЕМАТОРИЙ *зат.* Кремация үчүн курулган үй.

КРЕМАЦИЯ *зат.* Атайын жасалган жогорку температуралуу мештерге салып өлүктү өрттөө, күйгүзүп жиберүү.

КРЕМЛЬ *зат.* Шаардын ички бөлүгүнө салынган байыркы орус шаарларындагы крепость, чеп, сепил.

КРЕПДЕШИН *зат.* Тыгыз, жука токулган жибек сыяктуу кездеме. *Мала кызыл крепдешин косынкасынын учу желге делбирейт* (Сыдыкбеков).

КРЕПОСТНИК *зат.* Помещик, крепостной укукту жактоочу.

КРЕПОСТНОЙ *сын.* Помещикке өзүнө караштуу дыйкандарды эрксиз иштетүү, алардын керт башына, мүлктөрүнө да кожоюндук кылуу укугун берген коомдук түзүлүшкө таандык. *Крепостной укук. Крепостной дыйкан.*

КРЕПОСТЬ *зат.* Узак убакытка чейин коргонууга ылайыкталган курулуштары бар, айлана коргонуу согуштарын жүргүзө алуучу чындалган жай. *Ашырлар Кокондун крепостунда бир айча туруп калышты* (Сасыкбаев).

КРЕСЛО *зат.* Эки чыканакты сүйөп отурууга ылайыкталып жасалган орундук. *Столдун айланасында беш-алты кресло бар* (Жантөшев). [*Шарип*] *..Тегерек столдун эки жагына коюлган креслого барып олтурду* (Бейшеналиев).

КРЕСТ *зат.* Христиан дининдегилер тагына турган эки кайчылашкан сызык формасындагы белги.

◆ **Кызыл крест коому** — ооругандарга, абалы начарларга, жарадар болгондорго ж. б. жардам берүүчү уюм.

КРИЗИС *зат.* Капиталисттик коомдо товарларды плансыз, ашыра өндүрүү менен эмгекчилерди жакырлантуу, жумушсуздукту пайда кылуу жана өндүрүштү кыскартуу кесепеттерин туудурган мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу экономикалык көрүнүш.

КРИСТАЛЛ *зат.* Көп кырлары бар табигый формадагы катуу зат. *Туз кристаллы. Алмаз кристаллы.*

КРОВАТЬ *зат.* Үстүнө төшөнчү салып жатууга ылайыкталган, эки башында буттары бар, узунча келген үй буюму. *Жыгач кровать. Темир кровать.*

КРОКОДИЛ *зат.* Тропикалык өлкөлөрдүн саздак, көлчүк жерлеринде жашоочу, калың кабырчыктуу териси бар, сойлоп жүрүүчү ири жаныбар.

КРОСС *зат. спорт.* Жолсуз, өңгүлдөңгүл жер менен жүрүүчү спорттук жарыш. *Лыжа кроссу. Мотоцикл кроссу.*

КРОССВОРД *зат.* Клеткаларды тийиштүү тамгаларга толтуруу менен белгилүү сөздөрдү таап чыга турган баш катырма.

КРУЖКА *зат.* Формасы стакандай болгон туткалуу кичине идиш. *Кыз сууну кружкага толтуруп жатты* (Сасыкбаев).

КРУЖОК *зат.* Белгилүү максат, иш үчүн уюшулган адамдар тобу. *Адабият кружогу. Ыр-хор кружогу.*

КРУПА *зат.* Ар түрдүү дан өсүмдүктөрүнүн тамак катарында колдонулуучу бүтүн же талкаланган даны.

КРУПЧАТКА *зат.* Буудайдын абдан майда салынган ак унунун жогорку сорту.

КРЫЛЬЦО *зат.* Үйгө кирип-чыгуучу, эшиктин алдына жасалган тепкичтүү, кээде төбөсү жабылган аянтча. [*Бугимовдор*] *крыльцосу бар тамды көздөй бет алышты* (Сасыкбаев).

КУБ *зат.* **I.** *мат.* Ар бир жагы квадрат болгон алты жактуу фигура.

2. Бир санды өз-өзүнө үч мертебе көбөйтүндүн чыккан саны.

3. Кубометрге барабар болгон көлөм чени. *Бир куб отун .*

КУБА *сын.* Агыш, бозомук. *Сыйпалап кер мурутун ойго чөктү, Өзгөрүп куба жүзү мүнөт сайын* (Абдыраманов).

КУБААР *зат.* Түпкү ата-баба. *Кудай кыласа кубаарыңдын акысы барбы.*

КУБАКАЙ *сын.* Кубарыңкы, боз, куба. *Арык кубакай бала үчүнчү полкадан түшүп келип отурду* (Жантөшев).

КУБАЛА *этиш.* **1.** Жетүү үчүн артынан жүгүрүү, артынан кууп алуу, жетүүгө аракет кылуу.

2. Кууп жиберүү, айдап жиберүү, четтетүү. *Суу мылтык кылып алышып, Чымчыктарды кубалап, Атып жүрөт балалык* (Токтогул).

3. Артынан түшүү, иликтөө.

КУБАЛАТ кубала этишинин аркылуу мамилеси.

КУБАЛАШ кубала этишинин кош мамилеси.

ҚУБАЛЖЫН кубакай менен бирдей.
ҚУБАЛОО кубала этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБАН *этиш.* Сүйүнүү, шаттануу, көңүлү көтөрүлүү. *Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат* (макал).
ҚУБАНДЫР кубант менен бирдей.
ҚУБАНТ кубан этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБАНУУ кубан этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБАНЧ кубаныч менен бирдей.
ҚУБАНЫЧ *зат.* Сүйүнүч, көңүлү көтөрүлүп шаттангандык. [*Адылдын келиши*] *Анархан менен Дарыяхан үчүн эбегейсиз кубаныч болду* (Жантөшев). *Жаш баланын кубанычы да, капаланышы да жайкы күндүн жаап ачылышындай бир иш эмспи* (Жантөшев).
◆ **Кубанычы койнуна батпоо** — абдан сүйүнүү, аябай кубануу. *Жолдош командир, — деди кубанычы койнуна батпай чаап келген Темир* (Жантөшев).
ҚУБАНЫЧТУУ *сын.* Сүйүнүчтүү, шат, кубанычы көп. *Баарысынын жүзү жарык, кубанычтуу* (Баялинов).
ҚУБАҢДА *этиш.* 1. Кубаруу, кубарып кетүү, бозоруу. *Бооруң таш, жашытасың жанды кыйнап, Бир кезде жазгы күндөй кубаңдайсың* (Маликов). *Кубаңдаган кара сур булут.*
2. *өт.* Күйтуланууу, кууланууу. *Убара болуп жүрөсүң Кубаңдаган куу сакал* (Тоголок Молдо).
ҚУБАҢДОО кубаңда этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБАР *этиш.* 1. Кумсаруу, купкуу болуу; куурап, өңү саргаруу (өсүмдүктөр ж. б. нерселер жөнүндө). [*Салыктын*] *ирең кубарып кетти* (Каимов). *Талаа кубарып, күндүн ысыгы күйкалай баштады* («Ала-Тоо»).
ҚУБАРТ кубар этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБАРУУ кубар этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБАРЫҢКЫ *сын.* Бозоруңкү, саргарыңкы, кубарып бараткан. *Коңур күз, сары талаа кубарыңкы, Бүркөлүп күндүн көзү тунарыңкы* (Шимеев).
ҚУБАТ *зат.* Ал, күч, дем; энергия. *Ивановдун кубаты кетип, көздөрү тунара баштады* (Жантөшев). *Эмчектеш жалгыз медерим, Эркекче кубат берерим* («Эр Табылды»). *Электр кубаты.*
ҚУБАТСЫЗ *сын.* Алсыз, күчсүз, дармансыз, чабал. *Кыштын кубатсыз күнү жакшы эле балбылдамыш болсо да, жер бетине жылуулук илебин жеткире албады* (Убукеев).
ҚУБАТТА *этиш.* Жактоо, туура деп эсептөө, кошулуу. *Абыл баш ийкеп, Өмүштүн айткандарын кубаттап отурду* (Байтемиров).
ҚУБАТТАЛ кубатта этишинин туюк мамилеси.
ҚУБАТТАН *этиш.* Күчтөнүү, алдануу, демденүү, кайраттануу. [*Эрке кыз*] *карыса да кубаттанып, аягы менен тик туруп кызмат кылды* (Байтемиров).
ҚУБАТТАНДЫР кубаттан этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБАТТАНТ кубаттан этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБАТТАШ кубатта этишинин кош мамилеси.
ҚУБАТТОО кубатта этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБАТТУУ *сын.* Күчтүү, алдуу, кайраттуу. *Колхоздордо кубаттуу техника улам барган сайын көбөйүүдө* («Советтик Кыргызстан»). *Кубаттуу колхоздор.. коомдук ишканалардын курулушун күчөтүп жатышат* («Коммунист»).
ҚУБАТУРА *зат.* Бир нерсенин кубдук чен менен өлчөгөндөгү көлөмү. *Комнатанын кубатурасы.*
ҚУБИК *зат.* 1. *сүйл.* Көлөм ченин билдирүүчү куб сантиметри.
2. Куб же төрт кыр формасында жыгачтан жасап, бетине сүрөт же ариптер жабыштырылган балдар оюнчугу.
ҚУБОМЕТР *зат.* Ар бир жагы метрге барабар болгон алты жактуу көлөмдүн чени. — *Буга канча кубометр суу батат!? — деп сурады суу сактагычтын жанында турган бирөө* (Сасыкбаев).
ҚУБУЛ *этиш.* Өзгөрүү, башка көрүнүшкө, түргө айлануу, түрдөнүү, ар түрдүү түстө, түрдө болуп туруу. *Арстанды көрсөң акыры, Ажыдаар болуп кубулду, Жакындап келген адамдын Жүрөгү оозго тыгылды* («Манас»). *Нурдуу кара сур өң нечен түркүн кубула түштү* (Бейшеналиев).
ҚУБУЛЖУ *этиш.* 1. Үн, күү, ар түркүн болуп кубулуп чыгуу. *Кубулжуган күү чыгып, Кубандырат көңүлдү* (Бөкөнбаев). [*Ырдаган*] *аял, эркектердин назик үндөрү кубулжуду* (Жантөшев).
2. Кубулуу, өзгөрүү. *Укkан жерден чоронун Кубулжуп түсү бурулду* («Семетей»).
ҚУБУЛЖУТ кубулжу этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБУЛЖУУ кубулжу этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБУЛМА *сын.* Өзгөрүлмө, кубулуп турма.
ҚУБУЛТ кубул этишинин аркылуу мамилеси.
ҚУБУЛУУ кубул этишинин кыймыл атоочу.
ҚУБУЛУШ *зат.* Көрүнүш, өзгөрүш. *Табигаттын кубулушу. Заттардын физикалык кубулуштары.*
ҚУДА *зат.* Күйөөнүн жана келиндин аталары, же алардын агайын-тууганлары бири-бирине карата аталышы. *Эртең той түшөт, кудалар, кудагыйлар келишет* (Жантөшев).
◆ **Куда түшүү** *же* **куда болуу** — жигиттин ата-энеси болочок келининин ата-энесине мал жана башка буюмдарды алып барып, алардын макулдугун алып, баш байлашып коюу. **Бел куда болуу** — балдары төрөлө электе кудалашуу, куда болушуу. **Бешик куда болуу** — балдары кичинекей, бешиктеги мезгилинде куда-

лашуу, куда болушуп, баш байлашып коюу. **Кайчы куда** — бири-бирине кыз алышып, кыз беришкен кудалар. **Куда башы** — куда болуп келгендердин башчысы, аксакалы.

КУДАА кудай менен бирдей.

КУДАГЫЙ *зат.* Күйөөнүн жана келиндин энелеринин, чоң энелеринин, жеңелеринин бири-бирине карата аталышы.

КУДАЙ *зат.* Диндик ишеним боюнча: бүт дүйнөнү жаратуучу жана аны башкаруучу, теңир, эгем, алда. *Кудайыңа ишенсең, жөө каласың* (макал). *Индустарда кудай көп, Кайсы кудай сеники?* (Аалы).

КУДАЙЛА *этиш.* Кудайга жалынуу, жалбаруу, тиленүү. *Эки күнү, үч түнү, Кудайладык чуркурап, Не колдобой койду деп* («Манас»).

КУДАЙЛОО кудайла этишинин кыймыл атоочу.

КУДАЙЧЫЛ *сын.* Динчил, динге бек. *Булар.. кудайчыл* (Аалы).

КУДАЙЫ *зат. дин.* Кудайга арнап, атап берилген нерсе. *Кудайы, назир берүү* (Сасыкбаев).

◆ **Кудайы конок** *к.* **конок I.**

КУДАЛА *этиш.* Болочок келинин дайындап, анын ата-энесинин макулдугун алып, баш байлоо кылып коюу, куда түшүү. *Мени эч кимге кудалабай, жыйырма тогузунчу жылдын күзүнө жетти* (Жантөшев).

КУДАЛАШ *этиш.* Куда болушуу, кудалыкка макулдашуу. *Эки жакшы бир жайлоого чыкса, кудалашып түшөт , эки жаман бир жайлоого чыкса, кубалашып түшөт* (макал).

КУДАЛАШУУ кудалаш этишинин кыймыл атоочу.

КУДАЛОО кудала этишинин кыймыл атоочу.

КУДАЛЫК *зат.* Куда жагынан болгон жакындык, сөөктүк. *Кыз алышып, кыз берген Кудалыкка кандайсың?* («Курманбек»). *Токсон жорго, жүз күлүк Кудалыкка айдадык* («Эр Табылды»).

КУДАЧА *зат.* Аялдын эже-сиңдилери менен күйөөнүн эже-карындаштарынын бири-бирине карата аталышы. *Акеркеч аттуу кудача, Энең аман жатабы?* («Семетей»).

КУДУ I *такт.* Дал, нак, так, нагыз. *Куду эле ошол жерден өнүп чыккан сыяктуу Зарыл да козголбой турат* (Сыдыкбеков).

КУДУ II *этиш.* Бийиктиктен төмөнгө шукшурулуп түшүү, тийүү (канаттуулар жөнүндө). *Тоо бүркүттөр кээде калкып, кээде кудуп кирип, атып чыгышат* (Аалы). [*Чакчыгай*] *адамча каткырган бойдон төмөн карап кудуду* (Аалы).

КУДУК *зат.* Суу чыгаруу жана суу алып туруу үчүн казылган чуңкур. *Кудуктан суу алып кетип баратканкелин тык токтой калды* («Ала-Тоо»).

КУДУМ куду I менен бирдей.

КУДУҢ: кудуң-кудуң этүү — абдан сүйүнүү, кубануу, кубанычы койнуна батпоо, кумпундоо. *Кудуң-кудуң этип сүйүнүп кетти.*

КУДУҢДА *этиш.* Кудуң-кудуң этүү, аябай сүйүнүү. *Ылайыктуу адамдын оңой-олтоң табылганына кудуңдаган Ызакул колун көтөрүп, дуу-дууну басты* (Бейшеналиев).

КУДУҢДОО кудуңда этишинин кыймыл атоочу.

КУДУРЕТ *зат.* 1. Ал, күч, дарман, кубат, чама. *Ар ким өз кудурети жеткен иште иштегени жакшы экен* (Сыдыкбеков). *Ар ким өз кудуретинин жетишинче сабакка далбас урууда* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Кудай, жаратуучу. *Кудуретке жалынып, Курган абаң Кошой дөө, Куу жолборстой чамыным* («Манас»). *Жаратканэкен кудурет Биздей кайгысы көп пендесин* («Олжобай менен Қишимжан»).

КУДУРЕТСИЗ *сын.* Алсыз, кубатсыз, чамасыз, күчсүз, жетишсиз.

КУДУРЕТТҮҮ *сын.* Алдуу, кубаттуу, күчтүү, чамалуу, жетиштүү. *Кудуреттүү улуу Октябрь таңында Өлкөбүздү чулгап алды гүл менен* (Аалы).

КУЖУ: кужу-кужу этүү — кужулдашуу, кужулдап сүйлөшүү. *Кужу-кужу эткен дабыш угулду* («Чалкан»).

КУЖУЛДА *этиш.* Кужу-кужу болуу, кужу-кужу этип сүйлөшүү. *Бекер кужулдай бергенден пайда жок* (Байтемиров).

КУЖУЛДОО кужулда этишинин кыймыл атоочу.

КУЖУРА кожура менен бирдей.

КУЗГУН *зат.* 1. Тарп жей турган ири канаттуу. *Кузгундар куркулдап сызып бараттат* (Байтемиров). *Какылдап учкан карга жок, Куркулдаган кузгун жок* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Эзүүчү, зулум. *Караңгы түн кайгыны Кузгундар башка салганы* (Токтогул). *Кара оокатка калп айтып, Кузгундар жүрөт сорунуп* (Токтогул).

КУЗГУНДА *этиш.* Ташкындоо, суу көбөйүп, ашып-ташып агуу. *Кошулган жерин карасаң, Кузгундайт кадим Нарындай* (Маликов). *Долу Музарт кузгундап, Күзөү кирген чагы экен* (Турусбеков).

КУЗГУНДОО кузгунда этишинин кыймыл атоочу.

КУЗОВ *зат.* Автомашинанын, экипаждын адамдарды, жүктөрдү салып ташуу үчүн жасалган арткы бөлүгү, чанагы. *Кузовуна скамейкалар коюлган.. грузовой машина* (Сыдыкбеков). [*Касейин*].. *грузовой машинанын кузовуна.. олтуруп келатат* (Сыдыкбеков).

КУЙ I *зат.* Мүнөз, кебете, түр, кыял, иштин ж. б. кыйшыны. *Кую бузук.. Күндүн куюн бузултуп, Жайлап жүрөт Алмамбет* («Манас»).

КУЙ II: жер куй — жердин түбү, жердин астын карай кеткен жарака. *Жер куйга түшүп кеттиби, Кайрылып мында келгисиз* (Жантөшев). *Зарыл иш чыгып калса, Азиз акелеримди издеп жер куйга да барам* (Жантөшев). **Энчи куй** — өзүнө энчилүү, тиешелүү буюм, дүнүйө. *Мейли, токолу менен жашай берсин, жакшы-жаманга арызданбайын, энчи куюмду бөлүп койсун* («Советтик Кыргызстан»).

КУЙ III *этиш.* 1. Суюк же майда нерселерди чубуртуу, агызуу аркылуу бириңен экинчисине (идишке ж. б.) которуу, өткөрүү. *Тиги чыт курсактарга жарма куй* (Бейшеналиев). [*Жумушчу*].. *суудан [вагонеткага] чакалап куюп жатты* (Сасыкбаев). *Эгинди ороого куюп коюшту.*

2. Калыпка салып, белгилүү формага келтирүү. *Дарысын ийлеп, ок куюп, Даярланды кырк жигит* («Эр Табылды»). *Мал кайтардык, көң куйдук* (Турусбеков). *Кыш куюп жүргөн жаштар* (Турусбеков).

3. Кошулуу. *Куюп жатат Чычканга Жети суудан эки суу* (Токтогул). *Боорунан ала тоонун шылдыр булак Дегдеңдеп Ысык-Көлгө куят түйлап* (Турусбеков).

4. Катуу жаап кирүү. *Кайрадан.. күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов). *Таң атканча күн куюп сел кетиптир* (Үмөталиев). *Аңгыча кара нөшөр куйду* (Жантөшев).

◆ **Башына суу куюу** — жок кылуу, курутуу, аягына чыгуу, бүтүрүү. *Эмне болсо ошо болсун, түндө туура жүз сомдун башына суу куюп аттаныпмын* (Сыдыкбеков). **Кулагына кумдай куюу** — кайта-кайта айтуу, эскертүү. *Апам күндө эле кулагыма кумдай куюп жүрөт* («Жаш ленинчи»). **Куюп койгондой** — 1) абдан окшош, союп каптагандай. *Бул сага куюп койгондой окшош экен* (Абдукаримов); 2) чак, туптуура. *Көгуш көйнөгү тараз боюна куюп койгондой* (Сыдыкбеков).

КУЙДУ: чалды-куйду *к.* **чалды.**

КУЙКА *зат.* Баш тери, баштын териси. *Ачта жеген куйканы токто унутпа* (макал). *Досум куйкасын кашылап, көптөн кийин гана ушул жообунун аягына чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Куйкасы курушуу** *же* **куйкасы тырышуу** — ачууланууу, ачуусу келүү, кыжырланууу. *Ушунчалык ак пейлим менен келсем, мунун кылган мамилесине куйкам курушту* («Ала-Тоо»). [*Татыбектин*] *куйкасы курушуп, көздөрү чакырайды* (Байтемиров).

КУЙКАЛА *этиш.* 1. Союлган малдын баш-шыйрагын күйгүзүп, жүнүнөн тазалоо; күйгүзүп жиберүү. *Шыйрак, баш куйкалап, куйкум жыттанып отурушат* («Чалкан»). *Үйдөй танкты кенебей, Куйкалаган замбирек* (Үмөталиев).

2. Кактап ысытуу, абдан ысуу. *Күн куйкалап турат.*

КУЙКАЛАН куйкала этишинин туюк мамилеси.

КУЙКАЛАТ куйкала этишинин аркылуу мамилеси.

КУЙКАЛАШ куйкала этишинин кош мамилеси.

КУЙКАЛОО куйкала этишинин кыймыл атоочу.

КУЙКУЛ *сын.* Саргыч, саргарыңкы. *Куйкул сакал. Куйкул чач.*

КУЙКУМ *зат.* 1. Куйкаланган жүндүн, теринин (баш, шыйрак ж. б. куйкаланган-дагы) жыты. *Шыйрак, баш куйкалап, куйкум жыттанып отурушат* («Чалкан»). *Куйкум аралашканда шорпонун даамы эң сонун да!* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Какшык, кекээр. *Сөзүң эң эле куйкум, анчейин экилентип жатасың го?* («Советтик Кыргызстан»).

КУЙМА *сын.* Куюлган, куюп жасалган. *Куйма алтын. Куйма чоюн. Куйма кетмен.*

КУЙМАК *зат.* Суюк камырдан куюп, майга бышырылган тамак. *Каныбек куймакты бурдай-бурдай сугунууда* (Жантөшев).

КУЙМУЛЧАК *зат.* Жогору жагы бел омурткасынын аяккы учу, төмөн жагы чычаң сөөгү менен эки капталы жамбаш сөөктөрүнө туташкан сөөк. *Куймулчак, жамбаш ашташы Толгон деймин сары суу* («Манас»).

КУЙРУК *зат.* 1. Куймулчак сөөгүнө туташкан дене бөлүгү, кээ бир жаныбарлардын арка омурткалары менен туташ чубалжып кеткен бөлүгүнүн жалпы аты, шыйпаңы менен кошо алынгандагы бөлүгү. *Койдун куйругу. Жылкынын куйругу. Үйдүн куйругу. Мышыктын куйругу.*

2. Канаттуулардын арт жагындагы көбүнчө бөлүнүп турган узун канат жүнү. *Кыргоолдун куйругу узун. Чабалекейдин куйругу эки ача.*

3. Койдун куймулчак сөөгүнө туташкан семиз эттүү бөлүгү, майлуу бөлүгү. *Куйругу жаргылчактай. Куйрук сугунтуу. Куйрук май.*

4. Учуучу аппараттын (мис., самолёттун, вертолёттун) учуу ишине ылайыктап жасалган арткы бөлүгү; жалпы эле чубалжыган, бири-бирине туташкан нерсенин арткы бөлүгү. *Курбусун.. узатууга үлгүрө албай, эшелондун куйругун гана көрүп калышканда, жүрөктөрү өрттөнүп, мундары бошоду* (Сасыкбаев).

5. *өт.* Бирөөнүн артынан ээрчиген, ага кошулган пикирдеш адамдар; калдык, саркынды. *Жалт-жалт карап чегине да баштады, Кулак, куйрук — элди бузган шектүүлөр* (Аалы).

◆ **Айры куйрук** — жырткычтар тобуна кирүүчү кулаалы сыяктуу куштун бир түрү. *Айры куйрук, кулаалылар кайкып учат* (Байтемиров). **Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө** — эртецкисинен бүгүнкүсү. **Төө куйрук** — жапайы чыгуучу өзөктүү куурай. **Куйрук улаш** — удаа, удаалаш, жанаша. *Куйрук улаш бастырды.* **Кыл куйрук** — куйругу ичке жапайы ердек. **Куйрук боор** — койдун бышкан куйругу менен боорун аралаш кесип берилген тамак.

КУЙРУКТА *этиш.* Куйруктан алуу, куйруктан кармоо.

КУЙРУКТАШ *такт.* Бирине бири удаа, жакын. *Биринин артынан бири куйрукташ келе жатышты.*

КУЙРУКТОО куйрукта этишинин кыймыл атоочу.

КУЙРУКТУУ *сын.* Куйругу чоң, куйругу бар. *Күздүн күнү болгондо Куйруктуу козу жегизбейт* («Манас»).

КУЙТАН: куйтан ойнотуу — баш катыруу, баш айлантуу, жинди кылуу, акмак кылуу.

КУЙТКУ *сын.* **1. куйту** менен бирдей. 2. Бузуку, чагым салган. *Куйтку сөз.*

КУЙТУ *сын.* Куу, митаам, эки жүздүү, арамза, куйтуланган. — *Кудай да берген кишисине берет, — деди куйту молдо* («САЖИ»).

КУЙТУЙ *этиш.* 1. Кичине болуу, тепейип көрүнүү. *Куйтуйган кичине неме көптүн ичинде көрүнбөй, тополоңдо жоголду да кетти.*

2. Таарынуу, тез таарына калуу. *Алда неге таарынгансып [Жыпар] куйтуя түштү* (Сыдыкбеков).

КУЙТУЛАН *этиш.* Куйтулук кылуу, кууланууу, митаамдык кылуу. *Түркүн чал куйтуланып дагы бирдеме деген* (Бейшеналиев).

КУЙТУЛАНТ куйтулан этишинин аркылуу мамилеси.

КУЙТУЛАНУУ куйтулан этишинин кыймыл атоочу.

КУЙТУЛУК *зат.* Куулук, митаамдык, эки жүздүүлүк, арамзалык, бузукулук. *Миң башынын элге куйтулук кылып жатканы бат эле бизнинип калды* (Абдукаримов).

КУЙТУҢ: куйтуң-куйтуң этүү — тепендеген, кеденделген кыймыл-аракетте болуу; купшуңдоо.

КУЙТУҢДА *этиш.* 1. Куйтуң-куйтуң этүү, тепендөө, кеденделөө.

2. Куйтулануу, куйтулук кылуу.

КУЙТУҢДАТ куйтунда этишинин аркылуу мамилеси.

КУЙТУҢДОО куйтунда этишинин кыймыл атоочу.

КУЙТУЮУ куйтуй этишинин кыймыл атоочу.

КУК *туур.* Кээ бир канаттуулардын (мис., кузгун) чыгарган үнүн билдирүү үчүн колдонулат. *Жер ээн, как эткен карга, кук эткен кузгун жок* («Ала-Тоо»).

КУКУЛДА *этиш.* Кук-кук этүү, кук-кук деп үн чыгаруу. *Кукулдап аппак куу турат* («Манас»).

КУКУЛДАТ кукулда этишинин аркылуу мамилеси.

КУКУЛДОО кукулда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛ *зат.* 1. Кулчулук доорундагы эч кандай укугу жок, эмгеги, өзү — бүткүл турушу кожоюнунун менчигинде болгон адам; бирөөгө көз каранды, эмгеги, тапкан мүлкү бирөөнүн менчигинде болгон эрксиз адам. *Кул да болсо беш жылдан бери туздаш болуп калдык эле* (Жантөшев). [*Кулбаш*] *Сарыбайдын сөзүнө карай өзүнүн анык кул экендигине көзү жетти* (Абдукаримов).

2. *өт.* Бирөөнүн эркинен чыкпаган, бирөөнүн айтканын ээрчиген, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон адам. *Эрте сүйлөгөндүн кулу.*

КУЛА I *сын.* Саргыч бозомук түс (жылкынын түсү жөнүндө). *Түлкүбектин мингени кула жорго* (Жантөшев). *Кула байтал. Кула бээ.*

КУЛА II *этиш.* 1. Эңкейишке, төмөнгө карай жыгылуу, тоголонуу, учуп түшүү. *Эгер мындан куласа, сөзсүз өлөт* (Байтемиров). *Кулайсыңар, түшкүлө! — деди мугалим аларга* (Сыдыкбеков). *Тоодон таш кулады.*

2. Ажыроо, түшүү. *Падыша тактан кулады.*

3. Өтпөй калуу, оңунан чыкпай калуу. *Экзаменден кулады.*

КУЛААЛЫ *зат.* Саргыч күрөң же көгүш түстөгү кыргыйдан чоңураак жырткыч канаттуу. *Кулаалыдан коргологон жөжөлөр көпкө чейин чөптүн ичинен чыгышкан жок* («Жаш ленинчи»).

КУЛАГДАР *сын.* Кабардар, кабары бар. *Теңтуш балдар ар качан Бир-бирине кулагдар* (Маликов).

КУЛАК I *зат.* 1. Адамдын, жаныбарлардын угуу мүчөсү. *Кебек карыя тумагын баса кийип, үшүгөн кулактарын кашыды* (Байтемиров). *Акбар кулагы менен бетин суукка алдырып жибериптир* (Убукеев).

2. Нерсенин кармоо, же бурап, ар түрдүү абалга келтирүү үчүн жасалган атайын бөлүкчөсү. *Казандын кулагы. Комуздун кулагы. Каптын кулагы.*

◆ **Ат кулак** *к.* **ат I. Коз кулак** *к.* **коз I. Ач кулактан, тынч кулак** — эч нерсе менен иши жок, көрдүм, билдим дебей, эч нерсеге катышпай, айтпай коюучулук. **Узун кулак** — уганаак, тез уга коймо, көбүрөөк кабардар. **Кызыл кулак** — *к.* **кызыл.**

КУЛАК II *зат.* 1. Суу жаюу, жыгуу үчүн арыкка туурасынан тосулган бөгөт. *Арыктын кулагын байлап, суу сугаруу. Суу кулакты жырып кетти.*

2. Арыктагы суунун чени, өлчөмү, көлөмү. *Эки кулак суу.*

КУЛАК III *зат.* Батрактарды, кедейлерди эзген жеке менчиктүү бай дыйкан. *Ошол айылда Түлөберди деген кулак бар эле* (Байтемиров).

◆ **Кулакка тартуу** — кулактарды тап катарында жоюу максаты менен аларды жеринен жана өндүрүш каражаттарынан ажыратуу.

КУЛАКТА *этиш.* Кулактан кармоо, кулакка асылуу.

КУЛАКТАНДЫР *этиш.* Кабарлоо, жарыялоо, угузуу, билдирүү.

КУЛАКТАНДЫРУУ I *зат.* Жарыя, бир нерсе жөнүндө алдын ала айтылган, билдирилген кабар. *Сагынбек менен Анаркүл кулактандырууну окушту* (Таштемиров).

КУЛАКТАНДЫРУУ II кулактандыр этишинин кыймыл атоочу.

КУЛАКТАТ кулакта этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛАКТОО кулакта этишинин кыймыл атоочу.

КУЛАКТУУ *сын.* 1. Кулагы укмак, дүлөй эмес. *Кулактуу кишиге бир айтсаң эле угат да!*

2. Кармай турган кулагы, туткасы бар. *Айылдын эли алты кулактуу чоң кара*

казанды, куйругун араң көтөргөн.. кызыл койду алып келишти (Абдукаримов).

КУЛАКЧЫН *зат.* 1. Тумактын кулакты жаап туруучу бөлүгү. *Аңгыча кулакчынын түшүрүп.. Кабыл кирип келди* (Бейшеналиев). *Кычан кулакчынын мектептен чыкканда эле байлаган эмес* (Бейшеналиев).

2. *сүйл.* Тумак.

КУЛАН I *зат.* Жапайы жылкы. *Айдап баккан ээси жок, Жайылып жүргөн өзүнчө Кулан көрдү Элеман* («Эр Төштүк»). *Жетимиш жигит кошчу алып, Кулан атып, бөкөн куып, Салбырынга барыптыр* («Манас»).

◆ **Куландан соо** *к.* **соо. Таң кулан өөк салуу** *же* **болуу** — таң сөгүлө баштоо, таң агара баштоо.

КУЛАН II кула этишинин өздүк мамилеси.

КУЛАТ кула этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛАЧ *зат.* 1. Эки колдун жазылышы, керилиши. *Мамбеткул учурашуу үчүн кулачын жайды* (Каимов). *Жетпей туруган жер болсо, Жээлигип сунба кулачың* (Осмонкул).

2. Эки колду кергендеги, жазгандагы өлчөм, чен. *Үч кулач кайың укурук. Алты кулач аркан.*

◆ **Кулач уруу** — чабак уруу. *Керим кулач уруп суудан чыкты.*

КУЛАЧТА *этиш.* Кулач менен ченөө, өлчөө. *Токтогул.. арканды тез-тез кулачтай баштады* (Аалы).

КУЛАЧТАТ кулачта этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛАЧТОО кулачта этишинин кыймыл атоочу.

КУЛАЧТУУ *сын.* Кулачы чоң, кулачы кең.

КУЛГУ *этиш.* Жеген-ичкенин оозунан кайра чыгаруу, окшуу. *Жеген-ичкенин кайра кулгуду. Төөлөр кулгуп кепшейт.*

КУЛГУНА *зат.* Моюн бездери жарылып чыккан жугуштуу жара. *Кесик оору кулгуна Көпкө айыкпай кууратар* (Тоголок Молдо).

КУЛГУТ кулгу этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛГУУ кулгу этишинин кыймыл атоочу.

КУЛДА *этиш.* Кул кылуу, кул кылып иштетүү. *Кырк жыл бою кулдап жүргөн байынан Бошотконду, ушул жерге келди эле* (Аалы).

КУЛДАН *этиш.* Кул болуу.

КУЛДАНДЫР кулдан этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛДАНУУ кулдан этишинин кыймыл атоочу.

КУЛДУК *сын.* Кулчулук, кул болгондук. *Кубанычтуу ай келди, Кутқарган кулдук сурактан* (Осмонкул).

◆ **Кулдук уруу** *к.* **ур III.**

КУЛДУР: кулдур-кулдур *туур.* Катып калган нерсенин (мис., теринин, жаргактын ж. б.) дабышы, кулдурташы; суюк нерсенин чайкалуудан, урунуудан чыккан дабышы.

КУЛДУРА *этиш.* Кулдур-кулдур этүү. *Оргуштап чыккан мөл булак, Колотон ылдый кулдурап* (Аалы). *Жаргак шымы чуркаган сайын кулдурап, койлорду үркүттү* («Ала-Тоо»).

КУЛДУРАТ кулдура этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛДУРОО кулдура этишинин кыймыл атоочу.

КУЛДУРТ кулдур менен бирдей.

КУЛДУРТТА кулдура менен бирдей.

КУЛЖА *зат.* 1. Аркардын эркеги. *Кулжалар жайылган төр. Кулжанын кулугу түшөт деп, түлкү ачка өлүптүр* (макал).

2. Май айынын эскиче аты.

КУЛЖАЧАР *зат.* Үч жаштагы кулжа.

КУЛЖУҢ: кулжуң-кулжуң этүү —мойну-башын, ийнин кыймылдатып купшуңдоо, мулжуңдоо.

КУЛЖУҢДА *этиш.* Кулжуң-кулжуң этүү, мулжуңдоо. *Кулжуңдап кетсе кууратып, Куйкасын кармап тилели* («Манас»). *Кулжуңдаба көсөө аке, Кудайга жакпайт мүнөзүң* (Токтогул).

КУЛЖУҢДОО кулжуңда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛИНАР *зат.* Кулинария ишин жакшы билген, ага адистешкен адам.

КУЛИНАРИЯ *зат.* Тамак бышыруу, тамак даярдоо искусствосу, ошол иш боюнча болгон усталык.

КУЛК I *зат.* Кылык-жорук, жүрүм-турум, мүнөз. *Кулку жаман. Кулку бузук. Кыргыз тилин суудай билет, Кырс эмес, Мүнөз, кулку бардык элге жакчу эле* (Аалы).

КУЛК II: кулк эттирүү — тамакты ушундай дабыш чыгарып жутуу, шап жутуп жиберүү. *Оозундагы этти кулк эттирип жутту да, кайра табакка колун сунду.*

КУЛКУ *зат.* Кулактын ичинде пайда болуучу сары түстөгү майланышкан зат.

КУЛКУЛДА *этиш.* Сугалактык, опкоктук кылуу, лапсысын агытуу. — *Чекеси тердеп, колу жоорубай кузгунча кулкулдаган, түлкүчө жойлогон Асандын атын өчүргүн* (Бөкөнбаев).

КУЛКУЛДАТ кулкулда этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛКУЛДОО кулкулда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛКУН *зат.* Жеген тамак-аш ооздун ичинен өтө турган, жута турган жер. *Кулкуну чоң. Кулкунга салуу.*

КУЛОО кула этишинин кыймыл атоочу.

КУЛП кулпу менен бирдей.

КУЛПТА кулпула менен бирдей.

КУЛПУ *зат.* Ачкыч менен бекилип-ачыла турган буюм. *Дарбазаны жаап, кулпуну салышты* (Жантөшев). *Үйгө чоң кулпуну салып, күнү-түнү айылчылап жүрүштү* («Ала-Тоо»).

КУЛПУЛА *этиш.* Кулпу **салуу, бекитүү.** *Эшикти мыктап кулпула. Кулпулап бекит.*

КУЛПУЛАТ кулпула этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛПУЛОО кулпула этишинин кыймыл атоочу.

КУЛПУН *этиш.* Көрктөнүү, көркүнө чыгуу; кооз жакшынакай болуп көрүнүү, кулпуруу. *Жер жаандан кийин кулпунуп, жашара түштү* . (Бейшеналиев). *Чаңкаган жерлер кулпунду, Жашыл сайма гүл алып* (Осмонкул).

КУЛПУНТ кулпун этишинин аркылуу мамилеси.

КУЛПУНУУ кулпун этишинин кыймыл атоочу.

КУЛПУР кулпун менен бирдей.

КУЛТ: култ этүү — буйдоосуз, шарт жок боло түшүү, же булт эткен кескин тез аракетте болуу. *Коён ийинге култ этип кире качты. Суур ийинден култ этип чыга калды.*

КУЛТУЙ *этиш.* Оюн эч кимге билдирбөө, унчукпоо, ичине сактоо. *Эртеден бери унчукпай култуюп турган абышкада кандай сыр бар экенин эч ким билген жок* («Чалкан»).

КУЛТУЛДА *этиш.* 1. Ары-бери култ-култ этүү, тез-тез бурулуу. *Чычкан култулдап, бир орунга токтоболу.*

2. Кууланууу, купшуң-купшуң этүү, амалдануу. *Мага бирди айтып, сага бирди айтып, култулдап жүргөн куулар да жок эмес* («Ала-Тоо»). — *Орой, акын эмес, элге түшүнүксүз — деп, Түлкүдөй куулар култулдады* (Шүкүрбеков).

КУЛТУЛДОО култулда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛТУҢДА *этиш.* 1. Ичинен сүйүнүп, кубанган көрүнүштө болуу, кудуңдоо. *Кубанычы койнуна батпай култуңдаган балдар ары-бери жүгүрүп ойноп жүрүштү* («Жаш ленинчи»).

2. Кууланууу, митайымдык кылуу, амалдануу. *Кумга салып изин, Култуңдайт кекчил, Абдан байкабаса, Аны тааныбайт эч ким* («Чалкан»).

КУЛТУҢДОО култуңда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛТУЮУ култуй этишинин кыймыл атоочу.

КУЛУН *зат.* 1. Жылкынын тай болгонго чейинки жаш төлү. *Жаш кулун кооздугу тартканы сүрөт, Дал салып энелерин ээрчип жүрөт* (Мидин).

2. *өт.* Баланы эркелетүүдө же туяк, тукум, бала деген түшүнүктү билдирүүдө колдонулуучу сөз. *Көп кечигип кетпестен, Кулунум, өз элиңе барып кел* (Үсөнбаев). *Баш кошуп боорунда өскөн кулундарың, Келатат, мээрим салып койнуңду ач* (Абдыраманов).

◆ **Кулун салуу** — бооз бээлер ар кандай кырсыктардан улам кулун таштап коюу.

КУЛУНДА *этиш.* Кулун төлдөө. *Бооз бээ болучу, кулундай турган убактысы жетип калган* («Жомоктор»).

КУЛУНДОО кулунда этишинин кыймыл атоочу.

КУЛУНДУУ *сын.* Кулуну бар. *Кулундуу бээ.*

КУЛУНЧАК I *зат.* 1. Кичинекей, жаш кулун. *Кулунчактын териси.*

2. *өт.* Жаш, кичинекей бала. *Өлбөсө адам болор, силерди багар, шордуу кулунчактын ажалына аралжы боло көргүлө* («САЖИ») *Курманың болоюн, кулунчагым* (Аалы).

КУЛУНЧАК II *зат.* Ак гүлдүү, гүлдөрү ичке узун сөңгөгүнө жабыша чыккан куурай. *Сарайгыр..кош канатын.. серпип кулунчактан кулунчакка өтөт* (Касымбеков).

КУЛЧУЛУК *зат.* 1. Кул ээлөөчүлүк. *Кулчулук доор.*

2. Көз карандылык, эрксиздик, кулдук. *Кутулар кез кылчулуктан, ажалдан* (Аалы).

КУЛЬМИНАЦИЯ *зат.* 1. *астр.* Асмандагы жарык кылуучу телонун (ай, күн, жылдыз) меридиан аркылуу өтүшү.

2. *өт.* Бир нерсенин эң жогорку өрчүү, жогорку чыңалуу, күч алуу точкасы, учуру.

КУЛЬТИВАТОР *зат.* Кызылча, пахта талааларында ж. б. агротехникалык иштерде катар аралыктарды, айдалган жерлерди жумшартуу, отоо чөптөрдөн тазалоо сыяктуу жумуштар үчүн колдонулуучу айыл чарба шайманы.

КУЛЬТИВАЦИЯ *зат.* Жерди культиватор менен иштетүү. *Айдоону.. тракторлук культиваторлор менен культивация жасады* («Коммунист»).

КУЛЬТИВАЦИЯЛА *этиш.* Культиватор менен жумшартуу, отоо сыяктуу жумуштарды жүргүзүү. *Азыр кай бир участокторду экинчи жолу культивациялап жатабыз* («Кыргызстан аялдары»).

КУЛЬТИВАЦИЯЛОО культивацияла этишинин кыймыл атоочу.

КУМ *зат.* Катуу минералдын (көбүнчө кварцтын) эшилме, куюлма майдасы. *Кум дөбө. Майда кум. Деңиз куму.*

◆ **Кум түлөк** *к.* **түлөк.**

КУМАЙ *зат.* Кумдуу жер.

КУМАЙЫК *зат.* Жомоктордо учураган алгыр, көргөнүн куткарбас ит. *Куш төрөсү — буудайык, Ит төрөсү — кумайык.*

КУМАЛАК *зат.* Кой, эчки, элик, коён ж. б. жаныбарлардын мөндүр сыяктуу тоголок тезеги. *Бир кумалак бир карын майды чиритет* (макал).

КУМАР *зат.* 1. Утуп алуу кызыкчылыгы менен аябай берилип, бир нерсе (акча, мал-мүлк ж. б.) сайып ойноп турган оюндар. *Түгү четте кумар ойноп төрттөө отурат* (Жантөшев).

2. Эңсөө; өтө берилүүчүлүк, кызыкчылык, берилиң сүйгөндүк. *Токтогулдун өнөрүн үйрөнүүгө кумар болушкан* (Бөкөнбаев). *Айнысаканды бир көрүүгө кумар болуп жүрө турган* (Жантөшев). *Кумары кануу. Кумары тароо.*

КУМАРЛАН *этиш.* Кумар болуу, кызыгуу. *Ал кыздын атын сурап билип алдым, Бир мүнөз миң сырына кумарландым* (Токобаев).

КУМАРЛАНТ кумарлан этишинин аркылуу мамилеси.

КУМАРЛАНУУ кумарлан этишинин кыймыл атоочу.

КУМАРПОЗ кумарчы менен бирдей.

КУМАРЧЫ *зат.* Кумарга берилген, кумарды көп ойногон, анын артынан түшкөн адам. *Кумарчыга кошулуп, Чатагына калбагын* (Токтогул).

КУМАРЧЫЛЫК *зат.* Кумарга кызыккандык, кумарга берилип, анын артынан түшүүчүлүк.

КУМГАН *зат.* Колго суу куюу, кээде чай кайнатуу үчүн колдонулуучу, чоюндан куюлуп жасалган чорголуу жана тутказуу идиш. *Кумганга суу куюп, колун чайкай баштады* (Абдумомунов).

КУМДА *этиш.* Металл буюмдардын датын, кирин кум менен жышып тазалоо.

КУМДАК *сын.* Кумдуу, куму көп. *Ушул жер кумдак чөл эле* (Үмөталиев).

КУМДАТ кумда этишинин аркылуу мамилеси.

КУМДОО кумда этишинин кыймыл атоочу.

КУМДУУ *сын.* Куму көп, куму бар, кумдак. *Какыраган кумдуу чөл Калаалуу кооз жер болду* (Бөкөнбаев). *Кумдуу талаа көк болуп, Агызды суудай жемишти* (Бөкөнбаев).

КУМПАЙ *зат.* Ителгинин бир түрү. *Кыргыйдын зорун шумпай дейт, Турумтай зорун кумпай дейт* (Тоголок Молдо).

КУМПУҢДА кудуңда менен бирдей.

КУМСАР *этиш.* Кубаруу, бозоруу, каны качуу. .. *Алымкул кумсара түштү* (Абдукаримов). *Кубатка ачуусу келгендиктен Чыныгулдун өңү кумсара түштү* (Жантөшев).

КУМСАРТ кумсар этишинин аркылуу мамилеси.

КУМСАРУУ кумсар этишинин кыймыл атоочу.

КУМТУЛА *туурасы*: **кымтыла.**

КУМУРА *зат.* Ооз жагы кууш, чоподон жасалган идиш.

КУМУРСКА *зат.* Абдан көп топ-тобу менен жашоочу жаргак канаттуу майда жаныбар. *Кумурска кичинекей болсо да, кайраты тоо аңтарат* (макал).

КҮН *зат.* Өлтүрүлгөн адам үчүн төлөнүүчү, берилүүчү чыгым, каражат. [*Кудайназар*].. *нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө күн бербей, зордукчул чыкты* («Эр Табылды»). *Ким кууйт сенин кунуңду, Ким тартат сенин муңуңду* (Токтогул). *Калмактан өлгөн элимдин, Күнүн күуп барбадым* («Эр Табылды»).

◆ **Куну кетүү** *же* **куну качуу**—берекеси кетүү, пейли таруу; иши оңолбоо, илгерилебөө. *Берекесиз байлардан Бейил менен күн кетет* (Токтогул).

КУНАЖЫН *зат.* Уйдун эки-үч жаштагы ургаачысы. *Тай кунажын. Кунан кунажын.*

КУНАН *зат.* 1. Эки-үч жаштагы эркек жылкы. [*Ызакул*] *кара кер кунандын чылбырын Кычанга берди* (Бейшеналиев).

2. Ноопаздын, кунажындын ж. б. ушул жаштагысын билдирүү үчүн колдонулат. *Кунан ноопаз. Кунан кунажын.*

КУНАР *зат.* Касиет, эс-акыл, береке. *..Дээриңде жигиттик кунарың аз болсо керек! — деп, Каныш тракторчу жигитке тийише берди* (Убукеев). *Эми карыганда кунарың кеткенби? Кызыңды ушул абалга келтирип сага эмне болгон* (Байтемиров).

КУНАРЛУУ *сын.* Касиеттүү, эстүү, акылдуу; берекелүү. *Сөзгө чечен, билимдүү, Кунарлуу булбул деген бар* (Тоголок Молдо).

КУНАРСЫЗ *сын.* Касиетсиз, акылсыз, эссиз; берекесиз. *Ал күндөр алыс кунарсыз, Айымда бакыт урагыс* (Абдыраманов). *Кунарсызды мактасаң, Үйлөп койгон карындай, Өзүм-өзүм дей берет Бозокордун чалындай* (Аалы).

КУНАС: кара кунас буту менен мойну узун, илегилек сыяктуу келгин куш. *Ылаачын — куштун учкулу, Бир тепкенде өлтүрөт кара кунас буттууну* (Тоголок Молдо).

КУНДАК I *зат.* Мылтыктын арткы жазы бөлүгү. *Солдат Мамажанды мылтыктын кундагы менен бир койду* (Жантөшев). *Ак баранды кундагын Ата албасаң сунбагын* (Токтогул).

КУНДАК II *зат.* Баланы бешикке салганга чейин жатуучу жай, төшөк. *Ал алачыкка кирээр менен, балага жасалган кундактын башындагы түйүнчөктү ала койду* (Аалы).

КУНДУЗ *зат.* 1. Териси баалуу, сууда жашоочу кара күрөң түстөгү сүт эмүүчү жырткыч жаныбар жана анын териси. *Будурунда бугу бар, Кумдак сууда кундуз бар* («Манас»). *Кезинде жаштар суу болбойт, Кубулуп кундуз сууда ойнойт* (Маликов). *Эптеп кундуз таап берсең, кызыма тебетей жасап коёюн* (Касымбеков).

2. Аттын туягынын үстү жагына түшүп турган кырка жүн жана буттун ошол тушу. *Аттын кундузунан кан алыптыр.*

КУНДУЗДА *этиш.* Баш кийимге, кийимдин этегине, туш кийизге кундуздун терисинен кармоо, тигип коюу.

КУНДУЗДОО кундузда этишинин кыймыл атоочу.

КУНЖҮТ *зат.* Май чыгуучу өсүмдүк.

КУНИК *сын.* Көрксүз, сулуу эмес, серт. *Мен.. алардын ичинен өңү-түсү дурустарын да, кетиктүү куниктерин да көрүүчүмүн* (Абдукаримов). *Курбуң куник жан эмес* (Аалы).

КУНКОР *зат.* Кун төлөөчү, кун төлөй турган. *Бирөөнүн баласынын жүрөгүн түшүрсөң, кункор болуп каласың* (Сыдыкбеков).

КУНСУЗ *сын.* 1. Кун алынбай, кун төлөнбөй, кун берилбей калган. *Өлсө кунсуз, сатса пулсуз* (Жантөшев).

2. *өт.* Баа жеткис, абдан кымбат, эң жакшы. *Кокус көрүштөй калыша экөөнүн тең ичтери тызылдап, кунсуз кымбаттуу бирдемесин жоготкондой* («САЖИ»).

КҮНТ *зат.* 1. Көңүл, назар, ынтаа, ыклас. *Кычан агайынын сөзүн күнт коюп укту* (Бейшеналиев). *Батый инженердин ар бир сөзүнө күнт койду* (Сасыкбаев).

2. Адат, өнөкөт, көндүм. *Мен бош убактымды ушул үйдө өткөрүүгө күнт алып кеттим* (Жантөшев).

КУНТТУУ *сын.* Көңүлдүү, ыкластуу, ынтаалуу.

КУП *мод.* 1. Макул, жакшы болот деген мааниде колдонулат. *Айтканга куп деңиз, анан мен сиздин көңүлүңүздү табам* («Чалкан»).

2. Абдан, туура, нак. *Куп келишкен жан экен, Кулпунуп чачы төгүлгөн* (Үсөнбаев).

КУПА *зат.* Металлга кооздоо үчүн түшүрүлгөн оюм-чийим, орнамент, төмпөйүңкү кооздук. *Күрмүштөн купа орнотуп, сүрөтүн алган жылдыздын. Купасын чапкан дилдеден.*

КУПАЛА *этиш.* Алтын, күмүш менен кооздоо. *Купалап күмүш койдуруп.*

КУПАЛОО купала этишинин кыймыл атоочу.

КУПЕ *зат.* Вагондун пассажирлерге арналган бөлмөсү.

КУПЕЦ *зат.* Менчиктүү соода ишканасы бар, жеке соодагерлик менен кесип кылган адам, көпөс, соодагер.

КУПКА *зат.* Коёнлорду, котур жана башка ооруларга чалдыкпас үчүн алдын ала дарылоо максатында атайын жасалган дары кошулган көлчө. *Колхозубуз быйыл жаңы купка жасады.*

КУПКАЛА *этиш.* Коёнлорду дарылоо максатында купкага түшүрүү. *Кыркындан кийин коёнлорду купкалайт* («Айыл чарба»). *Бир короо койду купкалап бүттүк.*

КУПКАЛОО купкала этишинин кыймыл атоочу.

КУПЛЕТ 1. Ырдын айрым строфасы, бир нече саптан турган бөлүкчөсү. *Эки куплет ыр. Алты куплет ыр.*

2. Эстрададан ырдала турган сатиралык ырлар.

КУПОЛ *зат.* Үйдүн же башка имараттын жарым шарга окшоп томпоюп турган төбөсү, үстү.

КУПОРОС *зат.* Кээ бир металлдардын күкүрт кычкыл тузунун техникалык аты.

КУПТАН *зат.* Кечинде окулуучу намаз, бир күндө окула турган намаздын бешинчиси.

КУПУЛ *зат.* Көңүл. *Эки жаштын бир-бири Купулуна толуптур* (Жантөшев). *Сагар.. улактын.. кебетесине купулу толбогондой айландыра карады* (Бейшеналиев).

КУПУЯ *сын.* Жашырын, ичинен, тымызын. *Анда көп купуя сыр болуу керек* (Таштемиров).

КУПШУҢ: купшуң-купшуң этүү — кууланган-дай, амалдангандай көрүнүштө, кебетеде болуу.

КУПШУҢДА *этиш.* Купшуң-купшуң этүү. *Бала өз алдынча купшуңдап күлүңдөдү* (Сыдыкбеков).

КУПШУҢДАТ купшуңда этишинин аркылуу мамилеси.

КУПШУҢДОО купшуңда этишинин кыймыл атоочу.

КУР I *зат.* Булгаарыдан, кайыштан жана сызма сыяктуу башка материалдардан, узун жазы кездемеден белди бууш, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчала турган жоолук. *Кайыш кур. Кездеме кур. Жазы кур.*

КУР II *сын.* 1. Курулай, куру бекер, бош; эчтемеси жок. *Эл тиричилик кылганда, Эсирип уктап кур жатпа* (Токтогул). *..Машина кур кетмей болду* (Бейшеналиев).

2. Эч болбогондо, болбоду дегенде. *Кур дегенде баласын өңөрүп алса* (Байтемиров).

КУР III *сын.* Абдан семиз, минилбеген, урунбаган. *Баарысын семиз кур байлап* («Манас»). *Бүгүн өргү бололук, Кысыр эмди кур тайдан.. соёлук* («Эр Табылды»). *Минилбеген кур жылкы* («Манас»). *Жетпей калса минсин деп, Жети кур ат байлатты* («Манас»).

КУР IV *такт.* 1. Курдай, ирет, жолу. *Үч кур келдим.*

2. Бир кылка, бир жаштагы, бир тендүү, бир катар. *Бир кур балдар. Бир кур келиндер.*

КУР V *этиш.* Жасоо, тургузуу, орнотуу, түзүү. *Гүлдөтүп айыл-кыштак, талааларды, Курабыз зор курулуш мурдагыдан* (Нуркамал).

КУРА *этиш.* 1. Ар кандай өөн, кесинди, кыйыктарды бириктирүү. [*Кулу калпанын*] *үстүндө түлкүнүн бучкагынан курап, көк ноотудан тыштап жасаткан ичик* (Жантөшев). *Курак кура.*

2. Жыйноо, топтоо, чогултуу, бириктирүү. *Мал кура. Кол кура. Эмгекчини баш коштуруп курадың, Эл достугун бекем кылып чыңадың* (Осмонкул).

КУРАК I *зат.* Ар кандай өөн, кесинди, кыйыктар жана алардын бириктирилген түрү. *Келиндер курак курап олтурушту. Курак жууркан. Курак төшөк.*

КУРАК II *зат.* Жаш, белгилүү бир жаш өлчөмү. *Курагы элүүдөн ашып калган* (Жантөшев). *Жыйырма беш жаш курагымда болор белем!* (Каимов).

КУРАКТАШ *сын.* Жашташ, теңтуш, курбу, курдаш. *Анын Сейде экенин өзү менен куракташтар гана билбесе, андагылардын карысынан жашына дейре чоң эне деп аташчу* («Кыргызстан аялдары»).

КУРАКТУУ I *сын.* Курагы бар, курагы көп. Куракту төшөк.

КУРАКТУУ II *сын.* Тең жашташ, куракташ. *Менин да сиз курактуу эжем бар* (Бөкөнбаев).

КУРАЛ I *зат.* Жарак, жабдык, аспап, шайман. *Эмгек куралы. Согуш куралы.* [*Борис*] *согуш башталганда курал алып ата мекенди коргоого кеткен* (Байтемиров).

◆ **Окуу куралы** — окууга керек болуучу бардык материал (китеп, дептер ж. б.). [*Сабыр*] *окуу куралдарын алып келди* (Сыдыкбеков). **Көрсөтмө курал** — кандайдыр бир сабакты өтүүдө окуучуларга терең түшүндүрүү, көрсөтүү үчүн колдонулуучу нерсе (карта, глобус ж. б.).

КУРАЛ II кура этишинин туюк мамилеси.

КУРАЛДАН *этиш.* Курал-жарак менен тейленүү, куралдуу болуу, курал алуу. *Куралдан, жолдош, аттангын!* (Аалы).

КУРАЛДАНДЫР **куралдан** этишинин аркылуу мамилеси.

КУРАЛДАНУУ **куралдан** этишинин кыймыл атоочу.

КУРАЛДУУ *сын.* Куралы бар, куралданган, курал-жаракка жетиштүү. *Тынымсыз таскак — акырын жүрбөй, Куралдуу аскер келатты жүздөй* (Абдыраманов). *Кендеги куралдуу отрядды чыңдап, көмүрдү казууга камынышты* (Сасыкбаев).

КУРАЛСЫЗ *сын.* Куралы жок, жарак-жабдыксыз, аспапсыз.

КУРАЛСЫЗДАН *этиш.* Куралсыз, жарак-жабдыксыз, аспапсыз, шаймансыз болуу, курал-жарактарын таштоо.

КУРАЛСЫЗДАНДЫР **куралсыздан** этишинин аркылуу мамилеси.

КУРАЛСЫЗДАНУУ **куралсыздан** этишинин кыймыл атоочу.

КУРАЛУУ **курал** этишинин кыймыл атоочу.

КУРАН I *зат.* 1. Мусулман динининн догмалары жана эрежелери жазылган китеп.

2. Өлгөн адамга багыштап окулуучу арабча диндик текст.

◆ **Куран түшүрүү** — өлгөн адамдын арбагына багыштап куранды бүт окуп чыгуу. **Куран урсун** — актыгын, күнөөсүздүгүн билгизүү үчүн карганганда айтылуучу сөз. **Куран кармоо** — куран кармап ант берүү, карганууу.

КУРАН II *зат.* Эликтин эркеги.

◆ **Жалган куран** — элдик календарь боюнча март айы. **Чын куран** — элдик календарь боюнча апрель айы.

КУРАНДЫ *зат.* Курак. [*Мураттын*] *үстүндө кырк куранды чепкени бар, бутунда чарык* (Баялинов).

◆ **Куранды мүчө** — *грам.* сөз жасоочу, сөздүн маанисин өзгөртүп, жаңы сөз түзүүчү мүчө.

КУРАНТ *зат.* Бийик мунарага бириктирилген музыкалуу саат. *Таң жарчысы — Кремлдин куранты, Үн бергенге даяр болду ойдогум* (Аалы).

КУРАТ **кура** этишинин аркылуу мамилеси.

КУРАШ **кура** этишинин кош мамилеси.

КУРАШТЫР *этиш.* Куроо, бирин бирине улоо, бириктирүү, кошуу, кошуп түзүү, тизүү.

КУРАШТЫРУУ **кураштыр** этишинин кыймыл атоочу.

КУРБАКА **бака** менен бирдей.

КУРБАН *туурасы:* **курман.**

КУРБАНДЫК *туурасы:* **курмандык.**

КУРБУ I *зат.* Курдаш, теңтуш. *Бекендин курбу кыздары Фрунзеде* (Каимов).

КУРБУ II *зат.* Кыр, кырка, заттын кыр болуп көтөрүлүп чыгып турган бөлүгү, жээги. *Ала барчын түнөргөн, Аскалуу курбу кызыл таш* (Токтогул). *Курбусу бийик тоо. Казандын курбусу.*

КУРБУЛАШ *сын.* Теңтуш, курдаш, жашташ. *Куш салсак бирге салабыз, Курбулаш өскөн балабыз* («Курманбек»).

КУРБУЛУК *зат.* Теңтуштук, курдаштык. *Бул — тилектештик, курбулук ысык мамиле* (Каимов). [*Надя*] *Менин курбулук тамашамды түшүнбөй жүрөт* (Бейшеналиев).

КУРБУЛУУ I *сын.* Курбусу, теңтушу бар.

КУРБУЛУУ II *сын.* Курбусу, кыры бар. *Куланбай турган аскалар Курбулуу аска таш беле* (Осмонкул). *Кубаныч толкуйт өлкөдө, Курбулуу тоонун көлүндөй* (Бөкөнбаев).

КУРГА *этиш.* Кургак болуу, суусуз, нымсыз болуп какшуу. *Суу болуп нымдалган көйнөгү кургады. Суу жетпей кургаган чөл гүлгө оронду* (Үсөнбаев).

КУРГАК *сын.* 1. Нымсыз, кургаган, какшыган. *Кургак талаа. Кургак отун. Кургак кийим.*

2. *өт.* Бекер, кур, курулай. *Атын алдыма тарткан адамга менин кургак ыракматым эмне болот* (Жантөшев). *Жаштардын убадасы кургак сөз эмес* («Чалкан»).

◆ **Кургак учук** *к.* **учук. Коңур кургак** *к.* **коңур.**

КУРГАКТА *этиш.* Кургак кылуу, суу, ным, болгондорун алып, кургак нерсе салуу, тазалап коюу. *Мал короо тегиз жабылсын, Кургактап саман салынсын* (Осмонкул). *Баланын астын кургактап, кайра ороп алгыла* («Ала-Тоо»).

КУРГАКТАТ **кургакта** этишинин аркылуу мамилеси.

КУРГАКТОО **кургакта** этишинин кыймыл атоочу.

КУРГАКЧЫЛЫК *зат.* Жаан-чачын болбой, какшыма болуп турган мезгил. *Кургакчылыкка каршы көрүлгөн чара. ..Күнгейге кургакчылыкка чыдамдуу өсүмдүктөр өнөт* (Сыдыкбеков).

КУРГАН **курга** этишинин өздүк мамилеси.

КУРГАТ **курга** этишинин аркылуу мамилеси.

◆ **Ат тезегин кургатпоо** *к.* **ат I.**

КУРГОО **курга** этишинин кыймыл атоочу.

КУРГУР *сырд.* Бирөөгө боору ачыганда, аяганда айтылуучу сөз. *Кайыгып кеткен кургур* (Сыдыкбеков). *Өңүңөн да азып калыптырсың, кургурум* (Байтемиров).

КУРДАЙ *зат.* Ирет, жолу, кур. *Эки курдай келди.*

КУРДАШ *зат.* Курбу, теңтуш. *Эсен өз курдаштары менен эртеден кечке иш үстүндө* («Жаш ленинчи»).

КУРДАШТЫК *зат.* Курбулук, теңтуштук, жолдоштук. *Курдаштыкка жарап, бир жардам берип койгула* («Ала-Тоо»).

КУРЖУН *зат.* Арта салынып жүрүүгө ылайыктап жасалган ортосу бириктирилген эки көздүү баштык. *Бегайым куржунду чече баштады* (Жантөшев). *Татыбек буюмдарды куржунга салды* (Байтемиров).

КУРК: курк-курк *туур.* Күрп болгон тооктун жана кээ бир башка канаттуулардын (кузгун ж. б.) чыгарган дабышы.

КУРКУЛДА *этиш.* 1. Курк-курк этүү, курк-курк этип үн чыгаруу. *Эки-үч күндөн бери чаар тоок куркулдап, күрп болуп жүрөт* («Жаш ленинчи»). *Кузгундар куркулдап сызып бараттат* (Байтемиров). *Какылдаган карга жок, Куркулдаган кузгун жок* («Эр Төштүк»).

2. Дагы ичсем-жесем экен, дагы алсам экен деп жутунуу, опкоктонуу.

КУРКУЛДАЙ *зат.* Канатынын үстү карарак келген, калган жерлери боз, короолу сыяктуу кичинекей чымчык. *Шар суунун үстүнөн салаңдаган тал чырпыгынын учуна уя салып, ошол уяга куркулдай тукумдап, баласын өстүрөт* (Жантөшев).

КУРКУЛДОО куркулда этишинин кыймыл атоочу.

КУРКУРА *этиш.* Куруулдоо, кулдуроо. *Кумач койгон кумганы Куркурап чыгып кайнаган* («Манас»). *Баланын ичине жел өтүп, кайта-кайта куркурап жатты.*

КУРКУРОО куркура этишинин кыймыл атоочу.

КУРМА *зат.* Түштүк жактарда өсө турган таттуу жемиштүү дарак жана анын мөмөсү.

КУРМАН *зат.* Диндик эреже боюнча: кудай жолуна садага кылып, кудайга сыйынып мал союш, союп жан чыгарыш.

◆ **Курман болуу** — белгилүү бир максат, ой, эл-журттун камы ж. б. үчүн жанын кыюу, өлүм табуу. *Эл үчүн курман болсок мейли* (Каралаев). **Курман айт** — мусулмандардын орозо айттан кийин келүүчү диндик майрамы. **Курман чалуу** — 1) кудай жолуна арнап, кудайга сыйынып союу; 2) белгилүү бир максат менен өлтүрүү.

КУРМАНДЫК *зат.* Курман үчүн союлуучу мал. *Курмандык чалуу.*

КУРМУШУ *зат.* Тытылган, эскирген кийиз. [*Үйдүн*] *мына бул эки үзүгү кара курмушудан жасалган* (Жантөшев).

КУРОО кура этишинин кыймыл атоочу.

КУРОРТ *зат.* Дарылыгы бар ар кандай табигый каражаттары (минералдуу булактар, дарылыгы бар баткактар ж. б.), дарылануучу, эс алууга ылайыктап салынган санаторийлери болгон жай.

КУРС *зат.* 1. Кандайдыр бир окуунун, дарылануу процедурасынын ж. б. бүткүл көлөмү. *Органикалык химиянын курсу. Суу менен дарылануу курсу.*

2. Жогорку жана атайын окуу жайында окуунун бир жылдык баскычы, бир жылы. *Сабыр техникумдун үчүнчү курсун бүтүрүп каникулга келген* (Сыдыкбеков).

КУРСАК *зат.* Карын, ич. *Сатай да курсагынын ачканын сезген жок* (Сыдыкбеков). *Курсагы чыга тойду.*

◆ **Кара курсак** — арам тамак, карандай тамагы үчүн бирөөнүн көзүн караган, кошомат кылган. **Чыт курсак** — курсак кампайткандан башканы билбеген (көбүнчө жаш, майда балдарга карата). *Тиги чыт курсактарга жарма куй* (Бейшеналиев). **Курсагында болуу** *же* **курсак көтөрүү** — боюнда болуу.

КУРСАКТАШ *сын.* Уялаш, жатындаш.

КУРСАКТУУ *сын.* Курсагы чоң.

КУРСАНТ I *зат.* 1. Курста окуучу адам.

2. Аскердик мектептерде тарбияланууучулар.

КУРСАНТ II *зат.* Бир нерсеге кубануу менен ыраазы болгондук, абдан алымсынгандык. *Эгер сиз Виктор Владимировичтин жыйналыштарда сүйлөгөн сөзүн угуп отурсаңыз, курсант болор элеңиз* («Чалкан»). *Ашыр.. Сары-Зоо адырына көз чаптырып, көңүлү курсант* (Сасыкбаев).

КУРСИВ *зат. полигр.* Оң жакка жантайыңкы болуп басылган, кол жазманыкына окшош келген типографиялык арип (шрифт).

КУРСОВКА *зат.* Курортто дарылануага, тамак ичүүгө укук берүүчү (бирок санаторийдин өзүндөгү жатакана менен камсыз кылынбоочу) документ.

КУРТ *зат.* Омурткасыз майда жаныбар. *Тыттын жалбырагына тойгон курттар барсайын калыптыр* (Касымбеков). *Убактысында сугар, курттан сакта* (Сыдыкбеков).

◆ **Ала курт** — ичегисине ичке узун мите курту түшүүнүн натыйжасында болуучу койлордун ич оорусунун аты. *Койлорго ала курт түшө баштаган көрүнөт* (Жантөшев). **Жибек курт** — тыт жалбырактарын жеп, денесине жибек (пилла) ороочу курт. **Кара курт** — кургак жерде жашоочу, өңү кара, жөргөмүш сыяктуу уулуу курт. **Эшек курту мурдунан түшө элек** — жакшы-жаманды көрүп, такшала элек, турмушту үйрөнө элек; жини кагыла элек.

КУРТКА *зат.* Көйнөктүн сыртынан кийүүчү эркектердин кыска кийими.

КУРТТА *этиш.* 1. Курт басуу, курт түшүп кетүү, курту көбөйүү.

2. Курт түшкөн жаранын ж. б. куртун терүү, тазалоо, куртун арылтуу.

КУРТТАТ куртта этишинин аркылуу мамилеси.

КУРТТОО куртта этишинин кыймыл атоочу.

КУРТТУУ *сын.* Курту көп, курт баскан.

КУРУ I кур IIменен бирдей.

КУРУ II *этиш.* 1. Түгөнүү, жок болуу, соолуу. *Эскинин салты курусун* (Осмонкул). *Ырайымсыз басмачы, Түп тамырың курусун* (Барпы).

2. Азап тартуу, эзилип-кыйналуу, жүдөө, чүнчүү, шору кайноо.

КУРУЛАЙ *такт.* Куру бекер, бекеринен. *Эч муратка жеткирбес, Курулай чеккен кайгы-зар* (Элебаев).

КУРУЛДА *этиш.* Кур-кур этүү, кулдуроо. *Ичи курулдайт. Курулдаган бакалын үнү тынчтыкты бузду.*

КУРУЛДАТ курулда этишинин аркылуу мамилеси.

КУРУЛДОО курулда этишинин кыймыл атоочу.

КУРУЛУШ *зат.* Салынып жаткан ар кандай имарат жана ошол иш жүрүп жаткан жай. *Курулушта иштөө. Курулуш бригадасы. Кыштактардын көчөлөрүнөн өтсөң.. жаңы курулуштарды учуратасың* («Советтик Кыргызстан»).

КУРУЛУШЧУ *зат.* Курулушта иштеген адам. *Тарас курулушчулардын бригадири болуп дайындалды* (Сыдыкбеков).

КУРУТ I *зат.* Тоголоктоп кургатылган сүзмө. [*Эрмек*] *агасы берип кеткен курутту эки күнгө чейин түгөтө албады* (Абдукаримов).

КУРУТ II куру этишинин аркылуу мамилеси.

КУРУУ I кур этишинин кыймыл атоочу.

КУРУУ II куру этишинин кыймыл атоочу.

КУРУУЧУ *зат.* Курулушта иштеген, имарат курган адам. *Бирок , ишти кызыткандар курууч адистер эмес, тек ушул кыштактагы биздин жердештер* (Сыдыкбеков).

КУРУШ I *этиш.* 1. Тырышуу, бырышуу, куучүүю. *Курушкан күүдүр тон менен Жатар элек бүрүшүп* (Элебаев). *Кирпидей башын катып курушуп калды* (Байтемиров).

2. *өт.* Жактырбаган, ачуусу келген кейип көрсөтүү, кыжырлануу. *Мейман келсе курушуп, Бет алдырбай урушуп* (Тоголок Молдо).

КУРУШ II кур этишинин кош мамилеси.

КУРУШТУР куруш I этишинин аркылуу мамилеси.

КУРУШУУ куруш этишинин кыймыл атоочу.

КУРЧ *зат.* 1. Болот, абдан катуу металл. *Курч кетилет, чарыкка кармаса жетилет* (макал). *Курчтан кылган сыр найза* («Манас»).

2. Өткүр, абдан курчутулган өткүр нерсе, мококтун карама-каршысы. *Курч бычак. Кылычтын көркү курчунда, Кундуздун көркү сыртында* (Токтогул).

3. *өт.* Өткүр, тайманбас, кайраттуу, эр жүрөк. *Иним ачуусу чукул, курч жигит эле* (Жантөшев).

4. Өткүрдүк, көрөгөчтүк (көз жөнүндө). *Көздүн курчу кетти* (Жантөшев).

◆ **Кулактын курчун кандыруу** — уккулуктуу, кызык кептен салуу, сөзү, ыры ж. б. жагымдуу, кызыктуу болуу. *Кулактын курчун кандырган, Мен булбул элем сайраган* (Аалы).

КУРЧА *этиш.* 1. Жип, кур ж. б. менен айландыра байлоо, таңуу. *Белин.. бөз кур менен курчаган* (Жантөшев). *Эки эли кайыш кур менен Досунун белин курчады* (Осмонкул).

2. Тегеректөө, ортого алуу, курчоого алуу. [*Шахтёрлор*] *Ашырды туш-тушунан курчап алышты* (Сасыкбаев). *..Келгендер ортодогу чоң столду курчай олтурушту* (Сыдыкбеков).

КУРЧАЛ курча этишинин туюк мамилеси.

КУРЧАН курча этишинин өздүк мамилеси.

КУРЧАТ курча этишинин аркылуу мамилеси.

КУРЧАШ курча этишинин кош мамилеси.

КУРЧОО курча этишинин кыймыл атоочу.

КУРЧТУК *зат.* 1. Курчугандык, өткүрлүк (металлдан жасалган куралдар жөнүндө).

2. *өт.* Тайманбастык, өткүрлүк, кайраттуулук (адам жөнүндө). *Каныбек ыңгайсызыраак курчтук кылып жибергенине уяла түштү* (Жантөшев). *Курчтук кылып куу бала, Куп сүйлөду бу бала* («Манас»).

КУРЧУ *этиш.* 1. Курч, өткүр болуу. *Бычак курчуду.*

2. *өт.* Кайраттануу, чыйралуу. *Андрейдин жүрөгү курчуду, сезими өстү* (Сасыкбаев).

КУРЧУТ курчу этишинин аркылуу мамилеси.

КУРЧУУ курчу этишинин кыймыл атоочу.

КУС *этиш.* Ичкен-жегенин кайра оозунан чыгарып таштоо, окшуп таштоо. [*Гүлайымдын*].. *көңүлү айланып кусат, көзү караңгылайт* (Абдукаримов). *Датка кан кусуп жатып өлүп кетти* (Аалы).

КУСА *зат.* Сагыныч, эңсөө. *Бир заматка алыс барсам, Куса болуп зарыгам* («САЖИ»).

КУСАДАР *сын.* Кусалуу. [*Муса экөөбүз*] *бир пас көрүшпөсөк, кусадар болушабыз* (Бейшеналиев).

КУСАЛАН *этиш.* Куса болуу, сагынуу, эңсөө, санааркоо. *Жийдегүл.. Ашыр эсинен кетпей кусаланчу болду* (Сасыкбаев). *Кусаланган Жийдегүл шахтага келүүгө камынды* (Сасыкбаев).

КУСАЛАНУУ кусалан этишинин кыймыл атоочу.

КУСАЛУУ *сын.* Сагынычтуу, кусадар. *Кусалуу болуп жүрөт.*

КУСАЛЫК *зат.* Бирөөнү сагынгандык, куса болгондук, санааркагандык. *Бирибиз Ташкентте, бирибиз Фрунзеде, күкүк менен зейнептей кусалык кат жазышып турдук* (Бейшеналиев).

КУСАМАТ кусмат менен бирдей.

КУСМАТ *зат.* Душмандык, кастык.

КУСТУР кус этишинин аркылуу мамилеси.

КУСУНДУ *зат.* Ичилген тамак-аштын кусканда чыккандагысы.

КУСУР: кусуруна калуу *же* **кусуру уруу** — каргышына калуу, каргышы тийүү. *..Же мен Керимахундун кусурына калдымбы* («Советтик Кыргызстан»). *Малдын кусуру ургур! Малды башка урба!* (Сыдыкбеков).

КУСУУ кус этишинин кыймыл атоочу.

КУТ *зат.* 1. *миф.* Элдик ишеним боюнча: үйдүн түндүгүнөн коломтого түшкөн жана аны алган кишиге бакты-таалай, түбөлүк жыргалчылык берүүчү кочкул кызыл түстөгү кичинекей килкилдек зат. *Кээ бир кудай сүйгөн үйдүн төбөсүнөн кут түшөт* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Бакыт, таалай. *Кыз, жигит курун селкинчек, Кут кетпесин элиңден* (Үмөталиев).

◆ **Кут болсун** — бактылуу, таалайлуу болсун, буюрсун деп куттуктоо, тилек, алкыш маанисинде айтылуучу сөз. *Сапарыңар кут болсун, Жапар балам!* (Бөкөнбаев). *Таалай жолуң кут болсун!* (Аалы). — *О, садагаң Мендирман, Кут болсун Каныш өзүңө!* «Мендирман». **Куту учуу** — үрөйү учуу, аябай коркуу. **Куту качуу** — жүдөө, азып-тозуу, жакырлануу. **Кут жылдыз** *к.* **жылдыз.**

КУТАН: кул-кутан *зат.* Кулдар, жарды-жалчылар. *Кул-кутан Биригишип колхоз болгон* (Турусбеков).

КУТКАЗ куткар менен бирдей.

КУТКАР *этиш.* Бошотуу, кутказуу. *Куткарды мени бул заман Залимдер түзгөн абактан* (Токтогул).

КУТКАРТ куткар этишинин аркылуу мамилеси.

КУТКАРУУ куткар этишинин кыймыл атоочу.

КУТКАРЫШ куткар этишинин кош мамилеси.

КУТКУ *зат.* Дүрбөлөң, чыр-чатак. *Эл арасына кутку салды.*

КУТКУН *зат.* Куюшкандын ээрге байлануучу жери. *Керез.. куюшкандын куткунунан алып,.. минейин дегенде карагер.. секирди* (Бейшеналиев).

КУТМАДЕК *зат.* Куттуу болсун деген мааниде, куттуктоо иретинде айтылуучу сөз. *Кутмаарек болсун, кут болсун.*

КУТМАН *зат.* Бакты, ырыс, таалай. *Күткөн үйдүн кутманы—Ургаачынын сыпаттаны* («Эр Төштүк»). *Жаркын заман жайдарысы, Кутман жерге келипмин* (Бөкөнбаев).

КУТМАНДУУ *сын.* Бактылуу, ырыстуу, таалайлуу. *Дүйшөнкул эмгек менен көз жарып, кутмандуу кыргыз элинин койнунда эркелеп өстү* (Бөкөнбаев). *Кутмандуу элим кайдасың* (Бөкөнбаев).

КУТТУКТА *этиш.* Кут болсун, куттуу болсун айтуу; кубаттоо. *Жаңы жылың менен куттуктайм. Колунан кыса кармап алкыш айттым. Куттуктап азаматтын баатырлыгын* (Осмонкул).

КУТТУКТАТ куттукта этишинин аркылуу мамилеси.

КУТТУКТАШ куттукта этишинин кош мамилеси.

КУТТУКТОО куттукта этишинин кыймыл атоочу.

КУТТУУ *сын.* Бактылуу, ырыстуу, таалайлуу, кутмандуу. *Куштар болдум даңкыңа, Куттуу түштүк кыргыздан* (Аалы). *Касейин энесине катты «Куттуу энеке», — деп жазуучу* (Сыдыкбеков).

◆ **Куттуу болсун** — куттуктоо маанисинде айтылуучу сөз. *Куттуу болсун түбөлүк Улуу Октябрь майрамы* (Осмонкул). **Кудайдын куттуу күнү** — күнүгө, күн сайын, ар күнү.

КУТУ *зат.* Майда-чүйдө буюм-теримдер салына турган кичинекей сандыкча, бир нерсенин кабы. *Кутуда дары куурады, Кургакта аттар суусады* («Эр Табылды»). *Күзгү, жыпар, көз айнектин кутусу* (Аалы).

КУТУЛ *этиш.* Бошонуу, куткарылуу, жеткирбей же кармалбай кетүү. *Качкан менен Курманбек Кутулуп кетер жайы жок* («Курманбек»). *Ак ийилип сынбайт, кара качып кутулбайт* (Сыдыкбеков). *Милдеттүү чыгымыңды бере элек болсоң берип кутул* (Сыдыкбеков).

КУТУЛТ кутул этишинин аркылуу мамилеси.

КУТУЛУУ кутул этишинин кыймыл атоочу.

КУТУР *этиш.* 1. Кутурма оорусу менен ооруп калуу, жинденүү, жээлигүү. *Ал канды кокус ит жыттаса кутуруп кеткендир* (Аалы).

2. *өт.* Жаалдануу, күчөнүү, өтө ачууланууу, обу жок көөп кетүү, эсирип кетүү. *Бетпак душман кутуруп турат* (Сыдыкбеков). *Кутурган экен бул Төштүк, Мен бир күлжуңдашып көрөйүн* («Эр Төштүк»).

КУТУРМА *зат.* Кутурган жаныбарлардын (көбүнчө иттин, карышкырдын) тиштеши аркылуу адамдарда, айбандарда болуучу жугуштуу оору. — *Шарип, сага кутурма тийдиби* (Бейшеналиев).

КУТУРТ кутур этишинин аркылуу мамилеси.

КУТУРУУ кутур этишинин кыймыл атоочу.

КУТУЧА *зат.* Кичинекей куту. *Бакытбек кичинекей кооз кутучаны апасына сунду* (Таштемиров). *Турсун үйгө кирди да, столдун үстүндөгү.. кутучага көзү түштү* («Жаш ленинчи»).

КУУ I *зат.* Өрдөк тукумуна кирүүчү көбүнчө ак түстөгү мойну узун жана кооз келген, сууда жашоочу келгин куш. *Балыгы сууда чалкыган, Куулары көлдө калкыган* (Токтогул).

КУУ II *зат.* Оттук чагып тутантуу үчүн атайын жасалган тез тутангыч зат. [*Токтогул*] *кууну түтөтүп жаткан жигитти тиктеди* (Аалы).

КУУ III *сын.* Амалдуу, митаам, шум, айлакер. *Ар башка ар адамда ар кыл кыял, Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр* (Осмонов). *Жолдош болсоң куу менен, Өмүрүң өтөр доо менен* (Токтогул).

КУУ IV *сын.* Куураган, кургак, нымсыз. *Куу карагай. Куу отун.*

◆ **Куу баш** *к.* **баш. Куу тумшук** *к.* **тумшук. Куу далы** *к.* **далы. Куу шыйрак** *к.* **шыйрак. Оозун куу чөп менен аарчуу** — дайыма «жок», «буюрбасын», «арам болсун» деп шыпырынуу, кагынуу.

КУУ V *сын.* Ак, агыш (кээ бир айбандардын же сакалдын, чачтын ж. б. түсү жөнүндө). *Куу тайган. Куу инген. Куу мурут. Куу сакал.*

КУУ VI *этиш.* 1. Кубалоо, айдоо, куугунтуктоо. *Жериме кууду Кудаке, Жээни элем бул элдин* («Олжобай менен Кишимжан»). *Кууп келди Курманбек Аркасын ан камыштын* («Курманбек»).

2. Издөө, артынан түшүү. *Өгүздөр от кууп отуруп алда кайда кетип калган болчу* (Абдукаримов).

3. Доолап талап кылуу; өч, кек алуу үчүн артынан сая түшүү. *Аласасын куып, артынан калбай жүрөт. Кун куу. Кек куу.*

4. Малдын же башка айбандардын эркеги ургаачысы менен тукумдашуу катнашында болуу.

5. Изи боюнча, тек, салт боюнча баруу, мурастык, тектик, салттык изди, белгини сактоо. *Тек куу. Сөөк куу. Ата салтын куып, эскиликке берилгендиктин пайдасы жок* («Ала-Тоо»).

КУУ VII *сырд.* Таптаган ителгини чакырууда же эгинди таранчыдан, жөжөнү кулаалы ж. б. сыяктуу жырткычтардан коруда айтылуучу кыйкырык.

КУУГУН *зат.* 1. Кармап алуу үчүн артынан түшүп кубалоочу, куугунтукка алуучу адам, топ. *Куугун келсе артымдан, Курута сайып алам деп* («Эр Табылды»). *Алдымдан чыккан тоскун жок, Артымдан келген куугун жок* («Эр Табылды»).

2. Айдоо, сүргүн, куугунтук. *Куугунда жүрүп айрылдым Курч балалык өмүрдөн* (Токтогул).

КУУГУНДА *этиш.* Кубалоо, куугунтуктоо, артынан түшүү. *Куугунчу келип, Куугундап келип, Таба албай кеткен, Кур бекер желип* (Осмонов).

КУУГУНДАТ куугунда этишинин аркылуу мамилеси.

КУУГУНДОО куугунда этишинин кыймыл атоочу.

КУУГУНТУК *зат.* Куугундагандык, кодулап артынан түшкөндүк, тынчтык бербегендик, кысым көрсөткөндүк. *Куугунтук салып душманга, Куурайдай тепсеп таштагын* (Бөкөнбаев).

КУУГУНТУКТА *этиш.* Куугунтукка алуу, бирөөнү четтетүү, сүрүп салуу, артынан түшүү. *Биз болсок анын кайда экендигин билбестен, анын артынан куугунтуктап бара жатабыз.*

КУУГУНТУКТАЛ куугунтукта этишинин туюк мамилеси.

КУУГУНТУКТАТ куугунтукта этишинин аркылуу мамилеси.

КУУГУНТУКТОО куугунтукта этишинин кыймыл атоочу.

КУУГУНЧУ *зат.* Куугундоочу, куугунга алуучу. *Балким артымдан куугунчу келип калууга да мүмкүн* (Жантөшев).

КУУДУЛ *зат.* Ар кандай сатиралык тамашаларды көрсөтүп, элди күлдүрүүчү, сөздөрү күлкүлүү адам. [*Жакшылык*] *элдин шайыры, булбулу, кабак ачар куудулу экен* (Каралаев). [*Керез*] *оюнкарак, күлкүчү, куудул.. шылдыңчыл боло баштады* (Бейшеналиев).

КУУДУЛДАН *этиш.* Куудулдук кылуу, куудулдугун көрсетүү. *Мустафа.. куудулданып кеп салды* (Сасыкбаев).

КУУДУЛДАНУУ куудулдан этишинин кыймыл атоочу.

КУУДУЛДУК *зат.* Куулангандык, куулануп сүйлөгөндүк. *Майлыбайдын акыркы сөзү куудулдук менен айтылса да чын сөздөй болуп чыкты* (Бөкөнбаев).

КУУДУР I *сын.* Куудураган, куудуркуудур эткен (тери, жаргак жана алардан жасалган кийимдер жөнүндө). *Жаш болсоң да билесиң го малайдын Самтыр, куудур, эпсиз болчу тондору* (Аалы).

КУУДУР I куу этишинин аркылуу мамилеси.

КУУДУР II: куудур-куудур *туур.* Ийи жетилбеген же катып калган теринин, жаргактын кулдурттаганын билдирүү үчүн колдонулат.

КУУДУРА *этиш.* Куудур-куудур этүү (көбүнчө тери жөнүндө). *Тери куудурап катып калган.*

КУУДУРАТ куудура этишинин аркылуу мамилеси.

КУУДУРОО куудур этишинин кыймыл атоочу.

КУУЛ куу этишинин туюк мамилеси.

КУУЛАН *этиш.* 1. Куулук кылуу, амалдануу, айлакерленүү. *Кудайназар кууланса, Куйкасын салаа тилербиз* («Эр Табылды»).

2. Куудулдануу.

КУУЛАНТ куулан этишинин аркылуу мамилеси.

КУУЛАНУУ куулан этишинин кыймыл атоочу.

КУУЛУК I *зат.* Ача түяктуу жаныбарлардын урук бези турууучу жери. *Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачкадан өлүптүр* (макал).

КУУЛУК II *зат.* Куулангандык, митаамдык, амалкөйлүк, айлакерлик. *Балким, душман куулук кылып жаткан чыгар, — дедим мен* (Баялинов). *Үйдүн ээси куулук, шумдук менен иши жок* (Сыдыкбеков).

КУУМАЙ: кыз куумай *к.* **кыз. Түлкү куумай** *к.* **түлкү.**

КУУНА *этиш.* Жетиштүү, кең-кесири болуп шаттануу, жыргоо, күбанычта, көңүлү жайдары болуу. *Эл эгинге кенелип куунай баштады* (Жантөшев). *Укук берип куунап эркин өсүүгө, Улуу Ленин Элдин ачкан таалайын* («Ала-Тоо»).

КУУНАК *сын.* Көңүлү ачык, жайдары, көңүлдүү. *Кары-жаш дөбөй курулушчулардын көңүлү куунак* (Сасыкбаев).

КУУНАТ кууна этишинин аркылуу мамилеси.

КУУНОО кууна этишинин кыймыл атоочу.

КУУР I *сын.* Эскирген, каткан, куудураган (көбүнчө териден жасалган кийим жөнүндө). *Куур тон. Куур шым.*

КУУР II *этиш.* 1. Казанга, табага ж. б. азыраак май салып, бирок суу куйбай картошканы, этти, балыкты ж. б. ысык өткөрүү, кызытуу аркылуу бышыруу; эгинди талкан кылышка, жөн жешке ж. б. даярдоо үчүн кур казанга от менен какшытуу, кызытуу. *Куурдак куур. Балык куур. Арпа куурып, талкан салдырды.*

2. *өт.* Кактоо, аябай ысытып жиберүү. *Күндүн ысыгы кууруп жиберди.*

3. *өт.* Жемелөө, тилдөө, тили менен каарып жиберүү. *Кылычын кындан суруп, Бакдөөлөттү кууруп* («Семетей»).

◆ **Тили буудай кууруу** *к.* **буудай. Заманасын кууруу** — айласын кетирүү, шаштысын кетирүү. **Бөйдөй кууруу** — көр жемеге алуу, жемекорлугун салуу, каароо.

КУУРА *этиш.* 1. Солуп жана катып калуу (өсүмдүктөр жөнүндө); кургоо, куудуроо. *Куурап калган арбайып Ортодо турган чоң чынар* («Манас»). *Жаман тон күнгө ого бетер куурап калыптыр* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Кыйналуу, кысталуу, кордук көрүү. *Бай-манаптын тушунда Айдалып жүрүп куурадым* (Токтогул).

КУУРАГАН *сын.* Оңбогон, оңолбогон. *Кудаке турат кубанып, Куураган кыпчак кетсин деп* («Олжобай менен Қишимжан»). *Кудурет мени кыз кылды, Куураган чалга туш кылды* (Тоголок Молдо).

КУУРАЙ *зат.* Жетилгенде, кууранда сөңгөк катуу болуп калуучу жана көбүнчө отун катарында колдонулуучу өсүмдүктөрдүн жалпы аты. [*Эне*] *бастырманын үстүнө чөптөн, куурайдан калыңыраак салыңыз* (Аалы). *Ак шумкар торго чырмалса, Ак куурай башы ыргалса* (Үсөнбаев).

◆ **Кара куурай** — кабыгынан була алына турган атайы айдалуучу техникалык өсүмдүк. *Кара куурай, кенаф айдалса, колхоздун чарбачылыгын гана көтөрөт* (Шимеев). **Куурай башын сындырбоо** — эч жумуш кылбоо, эч жумушка кол тийгизбөө. **Куурайдай болуу** — абдан арыктоо, ичкерүү.

КУУРАЛ *зат.* Қыйынчылык, азаптозок. *Кудайназар, Алтыбай Кууралды журтка салганы* («Эр Табылды»).

КУУРАТ куура этишинин аркылуу мамилеси.

КУУРГУЧ *зат.* Эгин ж. б. куурүш үчүн колдонулуучу башына тогоок топ кийиз байлаган таякча.

КУУРДАК *зат.* Майга куурулган эт. *Кара куурдак. Жаш эттен куурулган майлуу куурдак тартылды* (Қаимов).

КУУРМА: куурма чай *к.* **чай.**

КУУРМАЧ *зат.* Куурулган дан, майга куурулуп тамакка кошулган катык (эт, пияз ж. б.).

КУУРОО куура этишинин кыймыл атоочу.

КУУРТ куур этишинин аркылуу мамилеси.

КУУРУУ куур этишинин кыймыл атоочу.

КУУРУШ куур этишинин кош мамилеси.

КУУРЧАК *зат.* Адамга (көбүнчө балага) окшоштуруп жасалган балдардын оюнчугу. *Куурчак ойноп отурган кыздар* (Сыдыкбеков).

КУУТ I *зат.* Малдын тукумдашуусу. *Куут.. малчылар үчүн жооптуу учур* (Убукеев).

КУУТ II кым-куут *к.* **кымгуут.**

КУУЧУ *зат. дин.* Төрөт мезгилинде кара баскан аялды айыктыруучу, эс алдыруучу бакшы. *Куучу жүргөн жерде төрөгөн аялды мартуу баспайт* (Каимов). *Айылчылар куучу.. издеп дүрбөлөң түшүп калды* (Убукеев).

КУУЧУЙ *этиш.* 1. Куушурулган, чүрүшкөн көрүнүштө болуу.

2. *өт.* Зыкымдануу, битирленүү, сараң болуу. *Көп эле куучуйбай март болгонуңуз жакшы, байбиче* (Байтемиров).

КУУЧУҢДА *этиш.* 1. Куучуйган кебетедеги кыймыл-аракетте болуу, купшуңдоо.

2. *өт.* Зыкымдык, сарандык кылуу.

КУУЧУҢДОО куучуңда этишинин кыймыл атоочу.

КУУЧУЮУ куучуй этишинин кыймыл атоочу.

КУУШ I *сын.* Тар, ичке, энсиз. *Кууш бөлмө. Кууш жол. Таке менен зоотехник атка минип кууш коктуну өрдөп баратышты* («Ала-Тоо»).

КУУШ II куу этишинин кош мамилеси.

КУУШУР *этиш.* 1. Кууш кылып кысуу, куруштуруу, тарытуу. [*Маманазар*] *Акматтын сол колунун манжаларын кабелтең колу менен куушура кармап койду* (Жантөшев). *Сыртынан куушура курчаныл, дүкөнчү соода жүргүзүүгө киришти* (Убукеев).

2. *өт.* Туш-тушунан кысымга алуу, айласын кетирүү, кысуу. *Биздикилер душмандын шаштысын кетирип, куушуруп кирип барышты* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Кол куушуруу** — эки колун бооруна ала ийилип, урматтагандыкты же баш ийгендикти билдирүү; баш ийүү. **Ийнин куушуруу** — «билбейм», «ким билсин» дегенди билдирүү.

КУУШУРУЛ куушур этишинин туюк мамилеси.

КУХНЯ *зат.* Тамак-аш бышырыла турган үй, бөлмө, ашкана.

КУЧАК *зат.* Жайылган кулач менен камтыгандагы абал, көлөм. *Эки кучак отун. Бир кучак саман. Тоолорунда.. кишинин кучактары жеткис асман тиреген карагай, арчалар* (Жантөшев).

КУЧАКТА *этиш.* Кучагына алуу, кучагына кысуу. *Айганыш чуркап барып, Жылдызканды кучактап калды* (Байтемиров). *Капитан Иринаны кучактап, эркелетип койду* (Жантөшев).

КУЧАКТАТ кучакта этишинин аркылуу мамилеси.

КУЧАКТАШ кучакта этишинин кош мамилеси.

КУЧАКТОО кучакта этишинин кыймыл атоочу.

КУЧҚАЧ *зат.* Көбүнчө суу бойлоп жүрүүчү бут денеси кара, анча чоң эмес канаттуу. *Ырдап берчи обон сала Кучкач уя салганын.*

КУЧУНАШ *зат.* Кыжырдануучулук, кыртышы сүйбөөчүлүк. [*Абийирдин*] *кучунашы кармай түштү бейм,.. атының башын Алым жакка бурду* (Таштемиров).

КУЧУНАШТА *этиш.* Кыжырлануу, кыртышы эч нерсени сүйбөө.

ҚУЧУНАШТОО кучунашта этишинин кыймыл атоочу.

ҚУШ I *зат.* 1. Канаттуулардын жалпы наамы. *Үй куштары. Суу куштары. Сайроочу куштар. Дайыма малдын этин жеп жүргөн кишиге куштун эти кандай сонун* (Каимов).

2. Кекилик, чил сыяктуу илбээсиндерди алуучу жырткыч канаттуу. *Мүнүшкөр болгон адамга Алгыр чыккан куш жакшы* (Жантөшев).

◆ **Алп кара куш** — жомоктордо айтылуучу, көбүнчө кишилерге жардам кылуучу эң зор, алгыр канаттуу. **Кара куш** — 1) аңчылыкка жарабай турган ири куштар. *Кара куш кардына карайт, шумкар чабытына карайт* (макал); 2) баштын желке жаккы бөлүгү. **Тели куш** — тентиген, туругу жок куш деген мааниде. *Тели куш багып куш кылдым, Тентигенди журт кылдым* («Эр Төштүк»). **Тоту куш** *к.* **тоту. Төө куш** — тез жүгүрүүгө ылайыкталган узун буттуу, учууга жөндөмү жок, сыстык өлкөлөрдө жашоочу чоң куш. **Куш уйку** *к.* **уйку. Куш боо бек болсун** — жаңы аял алган кишиге куттуктап айтылуучу сөз. *Куш боо бек болсун! — деп Жанболот солдаттын колун бекем кармады* (Шимеев). **Куш кат** *к.* **кат. Куш эт** — эти, денеси жылма эмес, майда бүдүрлүү.

ҚУШ II: куш келипсиз, куш келипсиздер *же* **кош келиңиздер** — меймандостук менен сылык күтүп алууда колдонулат.

ҚУШҚАНА *зат.* Мал союлуучу жер, мал союучу жай. *Кушканада союлган мал.*

ҚУШТАР *сын.* Дилгир, ынтызар. *Күлайды бир көрүүгө куштармын* («Ала-Тоо»).

ҚУЮГУУ куюк этишинин кыймыл атоочу.

ҚУЮҢ *этиш.* Катуу бороондо, карда бет алды жакка баса берип багытты, жайды таба албай калуу. [*Койлор*] *кокусунан козголсо эле, кучугун кеткидей* (Баялинов). *Ашууда ызгаар бороондон Куюгуп кээси жоголгон* (Турусбеков).

ҚУЮҚТУР куюк этишинин аркылуу мамилеси.

ҚУЮЛ куй этишинин туюк мамилеси.

ҚУЮЛУШ I *зат.* Суулардын бирибирине куюлган, кошулган жери, куйма. *Токсон суунун куюлуш Суу түгөнүп жоголгон* («Эр Табылды»).

ҚУЮЛУШ II *этиш.* Уйкашуу, бирибирине эп келишүү, биринин артынан бири келүү. *Капкайдагы сонун сөздөр* [*Кузьманын*] *оозуна өзүнөн-өзү куюлушуп келип турат* (Сасыкбаев).

ҚУЮЛУШТУР куюлуш этишинин аркылуу мамилеси.

ҚУЮЛУШУУ куюлуш этишинин кыймыл атоочу.

ҚУЮН I *зат.* Уйгу-туйгу болуп, уюлгуп, көбүнчө чаңды, чөп-чарды ж. б. кошо учуруп, тик көтөрүлгөн шамал. *Ар кайсы жерден куюн ойноп, боз топуарктыасманга көтөрөт* (Жантөшев).

◆ **Чымын-куюн** *к.* **чымын.**

ҚУЮН II куй этишинин өздүк мамилеси.

ҚУЮНДА *этиш.* 1. Куюн болуу, уйгу-туйгу түшүү, уюлгуу. *Суу келди Ала-Тоонун булагынан Чаң басып, кум куюндап жаткан жерге* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Абдан тез, бат кыймылдоо, жүгүрүү, чымылдоо. *Таласты көздөй бет алып, Куюндап жөнөп калды эми* («Манас»).

ҚУЮНДАТ куюнда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚУЮНДОО куюнда этишинин кыймыл атоочу.

ҚУЮШ куй этишинин кош мамилеси.

ҚУЮШКАН *зат.* Ээрди алдыга жылдырбоо үчүн аттын куйругуна илинип, эки учу куткунга бекитилүүчү кайыш. *Жолоочулар куюшкандарын кыскартып, кайра аттанышты* (Убукеев).

ҚУЮШКАНДУУ *сын.* 1. Куюшканы бар, куюшкан тагылган.

2. *өт.* Олжолуу, жетиштүү. *Күчөйт, өсөт, колдон көөрү төгүлгөн, Олжосу мол куюшкандуу журт болот* (Осмонов).

ҚУЮШТУР *этиш.* Бир идиштен экинчи бир идишке куюу, биринен экинчисине куюу, аралаштыруу.

ҚУЮШТУРУУ куюштур этишинин кыймыл атоочу.

ҚУЯ *зат.* Балаа, кырсык, балакет. *Кутулбас куяга калдым. Сырын айтып жолукту Кутулбас куя балаага.*

ҚУЯҢ *зат.* Жамбаштын ашташына суук тийүүдөн пайда болгон оору.

ҚҮБӨ I *зат.* Жүнгө, жүндөн жасалган буюмдарга, кийим-кечеге, данга ж. б. зыян келтирүүчү көпөлөк курту жана анын көпөлөгү. *Терини күбөдөн сактоо үчүн ящикке салынат да, арасына нафталини бар баштыкчалар кошо салынат* («Айыл чарба»).

ҚҮБӨ II *зат.* 1. Окуяны, болгон иштин ж. б. өз көзү менен көргөн, билген, бир нерсенин аныктыгын же төгүндүгүн далилдей ала турган адам. *Карыя чын айтат, чындыгына мен да күбө болоюн* (Жантөшев).

2. Өзүнө белгилүү иштер, фактылар боюнча айтып берүү, далилдөө үчүн сотко чакырылып келинген адам.

ҚҮБӨ III *зат.* Эпостук чыгармаларда: ок өтпес жоо кийими. *Ак күбөнү жамынып, Атышар жоого камынып* («Манас»). *Этеги жайык көк күбө, Эр Коңурбай ушу дөө* («Манас»).

ҚҮБӨК *зат.* Кооздук үчүн тагынуучу алтын, күмүштөн кооздоп жасалган майда-майда желбироөчтүү жасалга. *Алтын, күмүш аралаш Алкымга таккан күбөгү* (Токтогул). *Күлүк ат салып калыңга, Күбөк боолуу куш берип* (Үсөнбаев).

ҚҮБӨЛӨ *этиш.* Күбө болуу, ырастоо, далилдөө.

ҚҮБӨЛӨНДҮР *этиш.* Бир нерсенин (мис., документтин) аныктыгын, тууралыгын кол коюп, печать басуу ж. б. жолдор аркылуу ырастоо, ишенимдүү кылуу.

Мына, сельсовет өзү күбөлөндүргөн (Каимов).

КҮБӨЛӨНДҮРТ күбөлөндүр этишинин аркылуу мамилеси.

КҮБӨЛӨНДҮРҮҮ күбөлөндүр этишинин кыймыл атоочу.

КҮБӨЛҮК *зат.* Адамдын туулгандыгы, никеси, айрым учурда билими ж. б. иштери жөнүндө күбөлөндүрө турган официалдуу документ. *Нике жөнүндө күбөлүк. Авторлук жөнүндө күбөлүк. Күбөлүк кат.*

КҮБӨНАМА *зат. эс.* Күбөлүк.

КҮБҮ *этиш.* Кагуу, силкүү; кагып, силкип түшүрүү. *Алма күбүдү. Кийиз күбүдү. Кийиминин быр-сырын, чаңын күбүп тазалады.*

КҮБҮЛ күбү этишинин туюк мамилеси.

КҮБҮН күбү этишинин өздүк мамилеси.

КҮБҮР I *зат.* Үстүнкү бетин муз каптаган, асты көндөйлөнгөн же суу агып жаткан жер. *Балакет басып, [уй] күбүрө түшүп кеттиби* («Ала-Тоо»). *Чоң суунун күбүрү.*

КҮБҮР II *зат.* Шыбыр, ачык, даана угулбаган, шыбырап айтылган сөз; күңкүл сөз. *Күбүрүн угуп экөөнүн, Көк жал Манас баатырдын. Күлкүсү келип калганы* («Манас»). *Ала колдоп кетти деп, Артымдан күбүр кылбасын* («Манас»).

◆ **Күбүр-шыбыр** — күңкүл, ушак-айың, имиш-имиш сөз.

КҮБҮРӨ *этиш.* Үгүлар-үгүлбас кылып сүйлөө. [*Иса молдо*] *өзүнөн өзү күбүрөдү* (Сасыкбаев). *Көзүң менен көрбөсөң, Күбүрөп ушак айтпагын* (Осмонкул).

КҮБҮРӨӨ күбүрө этишинин кыймыл атоочу.

КҮБҮТ күбү этишинин аркылуу мамилеси.

КҮБҮҮ күбү этишинин кыймыл атоочу.

КҮДӨР *зат.* Үмүт, ишеним. *Күдөр үзбөө. Күдөр кылуу.*

КҮДӨРҮ *зат.* Абдан жакшы ийленген жумшак кайыш. *Күдөрү кылган ак кайыш, Күн аптабын өткөрбөй, Ийин мыктап кандырган. Чын күдөрү болсун деп, Балбандарга тарттырган* («Сейтек»).

КҮДУК *сын.* Күмөн, шек, ачык, так эмес. *Сапар Шариптен укkан күдук сөздү ачууга аракеттенүүдө* (Бейшеналиев).

КҮДУКТУУ *сын.* Күдүгү бар, күмөндүү.

КҮДУҢДӨ *этиш.* Сүйүнүү, кубануу, ичинен сүйүнүп, кубаныш жүрүү. *Бүбүш күдуңдөп чуркап ичкери кирди* («Ала-Тоо»). *Жеңил жумуш тийгенине күдуңдөгөн Атай башкарманы ишендире сүйлөду* (Бейшеналиев).

КҮДУҢДӨӨ күдуңдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮДУҢДӨТ күдуңдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮДҮР *сын.* Түз эмес, ой-чуңкурлуу жер, талаа. *Күрдөөлдүү малдын баарысы Күдүрдө төлдөп жайнаган* («Манас»). *Күдүргө жылкы түк койбой, Күрдөөлү менен айдадым* («Эр Табылды»). *Ак кар баскан адыр-күдүрлөр мелтиреп жатат* (Жантөшев).

КҮДҮРЛҮҮ *сын.* Ой-чуңкурлуу, адырбудур, өңгүл-дөңгүлдүү. *Күдүрлүү талаа. Күдүрлүү жер.*

КҮЖҮ *зат.* Көрүктүн көмүрдүн астына келип отту, чокту үйлөөчү темир учу. *Күжүнүн оозунда жаткан темирлер көмүрдүн табына кызарып-татарат* (Убукеев).

КҮЖҮЛДӨ *этиш.* Күпүлдөп, бакылдап, кызып сүйлөө. *Олтурган жаштар күжүлдөй берди* (Сыдыкбеков). *..Өз ара күжүлдөшүп сүйлөшүп жатышкан карыжаштар Нукешти жаңы көргөндөй карап алышты да, сөздөрүн жөнөтүштү* («Чалкан»).

КҮЖҮЛДӨӨ күжүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЖҮЛДӨТ күжүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЖҮРМӨН *сын.* Чыйрак, тырышчаак, жигердүү, мээнеткеч, кайраттуу. *Күжүрмөн жигит. Гүлдөй турган колхоздун Күжүрмөн болот жаштары* (Осмонкул).

◆ **Күжүрмөн баракча** *к.* **баракча.**

КҮЖҮРМӨНДҮК *зат.* Чыйрактык, мээнеткечтик, тырышчаактык, жигердүүлүк, кайраттуулук. *Күжүрмөндүк көргөзүп, Көп жылдан бери иштеген* (Осмонкул).

КҮЖҮРӨЙ күржүй менен бирдей.

КҮЗ *зат.* Жайдан кийин келе турган жылдын төрт мезгилинин бирөө. *Кой кыштатылуучу 17 короо күзүндө эле ремонттолуп коюлган* («Советтик Кыргызстан»).

КҮЗГҮ I *зат.* Бет маңдайындагыны чагылтып көрсөтүүгө ылайыкталып жасалган айнек. *Күзгүнүн маңдайында чачын таранып жаткан Гулайым калыбынан козголбостон жооп каптарды* (Бейшеналиев).

КҮЗГҮ II *такт.* Күз убактагы, күз мезгилдеги. *Бугимовдун өңү күзгү чөптөй кубарып,.. эки таноосу кыпчыла баштады* (Сасыкбаев). *Күзгү күчүңдү күйөөңө бербе* (макал).

КҮЗДҮК I *зат.* Күзүндө себилген эгин. *Күздүк баш ала баштаган го, — деди Орусбек* (Сыдыкбеков).

КҮЗӨ I *этиш.* Жал, куйрукту кыркуу, кыскартып кыркып коюу. *Жаз алдында күзөп алган байтал-бээнин жал-куйругу* (Сыдыкбеков).

КҮЗӨ II *этиш.* Кайтаруу, сактоо, коргоо, көздөө. *Малдарды жакшы күзөгүлө. Бүт эмгекчилердин Азаттыгын күзөйбүз* (Тоголок Молдо).

КҮЗӨМ *зат.* 1. Кыркын койлор жөнүндө. 2. Күзгү кой кыркын мезгили.

КҮЗӨН: ач күзөн, сасык күзөн — суусар түркүмүнө кирүүчү анча чоң эмес жаныбарлардын жалпы аты.

КҮЗӨТ I *зат.* Кароол. *Күлчорону күзөткө Аттандырып коюшту* («Семетей»).

КҮЗӨТ II *этиш.* 1. Кайтаруу, кароолготуруу. [*Жылкычылар*] *кементайларын*

кийишип, мал күзөтө бериште (Байтемиров).

КҮЗӨТҮҮ күзөт этишинин кыймыл атоочу.

КҮЗӨТҮШ күзөт этишинин кош мамилеси.

КҮЗӨТЧҮ *зат.* Кароолчу. [*Жапардын*] *алдынан күзөтчү карыя.. чыга келди* (Баялинов).

КҮЙ I: күй-жай *же* **жай-күй** — абал, ал-абал.

КҮЙ II *этиш.* 1. Жануу, тутануу. *Отко жакын шиш күйөт, жеңеге жакын кыз күйөт* (макал). *Үйдө лампа күйүп турат* (Баялинов).

2. Ысыктан саргарып куурап кетүү. *Койлубайдын айдаган таруусу күнгө күйүп кетмек болду* («Жомоктор»).

3. *өт.* Бир нерсеге бекеринен ашыкча чыгым болуу, дайынсыз жок болуу. *Пул күйүп кетти. Кара чарба дыйкандар Күйүп кетти чыгымга* («САЖИ»).

4. Жалаага кабылуу, эч себепсиз караланууу, күнөөлөнүү. *Алсыздар күйгөн агынан Ал кездеги заманда* (Нуркамал). *Айдалган булбул Токоңдой, Ак жеринен күйбөгүн* (Токтогул).

5. Абдан кайгыруу, жаны ачуу, ыза болуу, күйүткө учуроо, күйүнүү. *Жумушчу тап бир уулунан айрылды, Катуу күйүп, күңгүрөндү кайгырды* (Турусбеков). *Бул кордукту ойлосом, Оттой күйүп турамын* (Токтогул).

6. *өт.* Ашык болуу, сүйүү. *Сыртымдан күйүп, Сүйгөнбай, Сыздадым дейсиң мен үчүн* (Тоголок Молдо). *Төрөм Төштук, мен сага Ашык болуп күйгөнмүн* («Эр Төштүк»).

◆ **Жаны күйүү** *же* **ичи күйүү** — 1) ыза болуу, жаны ачуу, ичи ачышуу. *Айгырдын жоголушуна ичи күйдү* (Байтемиров). *Бул жорукка кантип ич күйбөсүн* (Абдукаримов). *Дыйкандардын буга жаны күйөт* (Борбугулов); 2) аёо, боор ооруу. *Жатындаш туган иним жок, Жан күйүп издеп баруугa* (Токтогул). **Күйүп-бышуу** *же* **күйүп-жануу** — 1) шашкалактоо, шашып-бушуп чебеленүү. *Иш бутмөйүнчө уктабай, күйүп-бышып кетмей мүнөзү бар* («Ала-Тоо»). *Көргөн жанды муңайтат, Күйүп-бышып муну айтат* («Манас»); 2) абдан ызалануу, ичи күйүү, чычалоо. *Мансур.. айтпаган сөздөрдү айтып аябай күйүп-бышты* (Абдукаримов). *Ушкуруп шордууларды карап алып, Бук болуп уйгу-туйгу күйүп-жанып* (Турусбеков).

КҮЙ III *этиш.* Күтүү. *Айтып баргын кароолчум Он эки күнү күйөмүн* («Курманбек»).

2. Аёо, каралашуу, жардамдашуу. *Бизге күйө туран жалгыз сенсиң* («Ала-Тоо»).

◆ **Куш күйүү** — алгыр куштарды кармоо үчүн тор жаюу. *Суунун башын муздак чалган, Куш күйгөн чак, күз эле* (Аалы).

КҮЙГӨН *зат.* Сүйүү, ашыктык ырлары.

КҮЙГҮЗ күй этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЙГҮЛТҮК *зат.* Жаны күйгөндүк, күйүп-бышуучулук, оор күйүт. *Кээ бир жерде күйгүлтүккө түшүп, кай бир жерде күүлүү жүрдүм* («Чалкан»). *Эки жигитке.. Айдайдын алыстап баратышы күйгүлтүк түшүрдү* (Каимов).

КҮЙГҮЛТҮКТӨН *этиш.* Күйгүлтүккө түшүү, тынчсыздануу, бушайман болуу, чебеленүү. *Тамак жебеген сайын кызын аяп* [*эне*], *күйгүлтүктөнө берди* (Байтемиров).

КҮЙГҮЛТҮКТӨНҮҮ күйгүлтүктөн этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙГҮЛТҮКТҮҮ *сын.* Күйдүргүлүү, какшыктуу. *Айжан кыз ачык өскөн алдейленип, Сөз салат күйгүлтүктүү тамашалап* (Маликов).

КҮЙДҮР күй этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЙДҮРГҮ *зат.* 1. Чыйкан сыяктуу чыккан жара. *Котур, чыйкан, күйдүргү Эзели түбү кетпесин* (Жантөшев).

2. *өт.* Чүчүкка тийгизе сүйлөгөн тамашакөй, куудул.

◆ **Күйдүргү сөз** — чүчүкка тийген, ыза кылаарлык, ич күйгүзгөн сөз.

КҮЙКӨ *зат.* Кыргыйдан кичирээк саргыч күрөң түстөгү канаттуу. *Береги топ карагайда күйкө чыртылдайт* (Сыдыкбеков). *Бадалды карайбыз — күйкө жок* (Сыдыкбеков).

КҮЙКӨЛӨК *сын.* Күйүп-бышып шашкалактаган, чебелектеген, урушчаак. *Элебес.. жөнү жокко капачыл, күйкөлөк адам* (Элебаев). *Колунан иш келбеген кишинин баары эле ушунетип күйкөлөк болот* (Сыдыкбеков).

КҮЙКӨЛӨКТӨ *этиш.* 1. Кейип-кепчип чебелектөө, туталануу. — *Бул фраза түшүнүктүү! — деди* [*Малиновский*] *жаалысы келе түшүп күйкөлөктөгөн түрдө* (Сасыкбаев).

2. Тынчсыздануу, сабырсыздануу, убайымдоо. — *Бала кечикти го.. Курсагы ачпайбы..я? .. — деп кобурап, Сарагул эне күйкөлөктөй берди* (Касымбеков). *Бригадирдин күйкөлөктөгөнү абдан туура, антпесе иш алга акпайт да* (Таштемиров).

КҮЙКӨЛӨКТӨН күйкөлөктө этишинин өздүк мамилеси.

КҮЙКӨЛӨКТӨӨ күйкөлөктө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙКҮЛ күйпүл менен бирдей.

КҮЙМӨЛ *этиш.* Буйдалып калуу, кармалып калуу, токтолуу. *Күлүктөр кымбат күнүндө, Күймөлбөй чуркаар кезегиң* («Советтик Кыргызстан»). *Күймөлбөй аттап жөнөгөн, Күркүрөп аккан Нарынды* (Маликов).

КҮЙМӨЛТ күймөл этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЙӨӨ *зат.* 1. **Аялдын эри (аялына карата).** *Жаш келиндин ушул мүнөзү күйөөсүнө бөтөнчө жага турган* (Сыдыкбеков). *Аркы отурган Зубайданын күйөөсү Итике* (Убукеев).

2. **Кыздын кудалаган жигити жана турмушка чыккан кыздын, аялдын эри (кыз-**

дын өзүнөн улуу ага-туугандарына, эжеженелерине карата).

◆ **Күйөө бала — күйөө** менен бирдей (2-маанисинде). **Күч күйөө** — кыздын үйүндө жүргөн күйөө. **Күйөө жолдош** *к.* **жолдош.**

КҮЙӨӨЛӨ *этиш.* Күйөө колуктусун алганга чейин колуктусунун үйүнө баруу. [*Кайыр*] *колуктусуна күйөөлөп бараткан да кекенип жүргөн адамдар кармап алышып, жүрөгүнө канжар уруп.. кетишкен экен* (Аалы). *Капыстан кабар жетти жеңечеден «Күйөөлөп Абдырахман келди» деген* (Үмөталиев).

КҮЙӨӨЧҮЛӨ күйөөлө менен бирдей.

КҮЙӨР *зат.* Каралашар, жардамдашар жакын адам. *Айланайын жээним, Өзумдөн чыккан күйөрүм* (Үсөнбаев). *Жан күйөр, издер туугап жок, Жалгыздыгым билинди* (Токтогул).

КҮЙӨРМАН *сын.* 1. Күйүмдүү, карамдуу, боорукер, кайрымдуу. *Күйөрман жигит баштагы Күлүм көз жарын таштады* (Чалкан»).

2. Спортсмендерге жан тартып, алар үчүн күйүп-бышуучу киши. *Футбол оюнунун күйөрманы .*

КҮЙӨРМӨН күйөрман менен бирдей.

КҮЙПӨЛ күйпүл менен бирдей.

КҮЙПӨЛӨКТӨ *этиш.* Тынчсызданууу, сабырсызданууу, убараланууу. *Өзүнчө күйпөлөктөп, өзүнө тийиштүү уйду саашты улантып жаткан* («Чалкан»). *Бурулча кейип, күйпөлөктөп, пристандын четинде турду* («Советтик Кыргызстан»).

КҮЙПӨЛӨКТӨӨ күйпөлөктө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙПӨҢДӨ күйпүңдө менен бирдей.

КҮЙПҮЙ *этиш.* Күйпүл, жүдөгөн көрүнүштө болуу.

КҮЙПҮЛ *сын.* Абдан арык, жүдөө; жүдөп жүнү, чачы уйпаланган, саксайган. *Баккан эзси жарашса, күйпүл күчүк сак болот* (макал). *Эчен жылы күйпүл болгон, Бүгүн мына тарандык* (Бөкөнбаев).

КҮЙПҮҢДӨ *этиш.* Күйпөлөктөө.

КҮЙҮГҮҮ күйүк этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙҮК I *зат.* Нерсенин карарып күйүп калган же чала күйгөн бөлүгү. [*Үңкүрчөнүн*] *ооз жагында арчанын сыныктары, күйүк кумурлөрү жатат* (Каимов). *Мергенчи таш кордону алды да, күлдөрүн тазалап, күйүктөрүн кырды* (Жантөшев).

КҮЙҮК II *этиш.* 1. Чуркагандан, бийик жерге баскандан дем алышы кыйындап, энтигип чарчоо. *Чуркоодон күйүккөн Мамбеткул энтигип, ийни менен дем алат* (Каимов).

2. Күйүт тартуу, убайым тартуу. *Күйүккөн чериң басайын, Кабагың күндөй ачайын* («Эр Төштүк»).

КҮЙҮКЧӨӨЛ *сын.* Бат күйүгүүчү, бат күйүгүп чарчоочу. *Тамекини көп тартсаң, күйүкчөөл болосуң.*

КҮЙҮМ *зат.* Кайрылышып-каралашуучулук, таштап кетип калбоочулук, күйүп, күтүп туруучулук.

КҮЙҮМДҮҮ *сын.* Боорукер, ырайымдуу, мээримдүү. *Жүкөш абдан күйүмдүү бала* (Абдумомунов).

КҮЙҮМДҮҮЛҮК *зат.* Боорукерлик, кайрылышып-каралашып турууучулук, таштап кетпөөчүлүк, мээримдүүлүк. *Балага күйүмдүүлүгү жагынан энедей болобу* (Бейшеналиев). [*Суусар*] *Жылдыскандын ачык пейилин, курбусуна күйүмдүүлүгүн жактыруучу* (Байтемиров).

КҮЙҮН *этиш.* Абдан кайгыруу, жаны ачуу, күйүткө учуроо.

КҮЙҮНТ күйүн этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЙҮНҮҮ күйүн этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙҮНҮЧ *зат.* Кайгы-капа, убайым, өкүнүч, күйүт.

КҮЙҮТ *зат.* Убайым, кайгы-капа, азап. *Эне күйүткө жеңдирген жок* («Ала-Тоо»). *Бегайымдын күйүтүнөн байбичем баса албай карып калды* (Жантөшев).

КҮЙҮТТҮҮ *сын.* Кайгы-капалуу, убайымдуу, күйүтү күчтүү. *Жаралган экем жалганда, Күйүттүү булбул мен болуп* (Токтогул). *Аман болсо Манасың, Күйүттүү кабак ачылат* («Манас»).

КҮЙҮҮ күй этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙШӨ *этиш.* 1. Данды (көбүнчө тарууну) сокуга алып кабыгынан ажыратуу, актоо.

2. Ийнин, далысын куушуруп, аркытерки кыймылга келтирип жышынуу. [*Петя*] *далысын күйшөп терезе жакты карап турду* (Жантөшев). *Чүкөбай.. далысын күйшөдү* (Баялинов).

3. *өт.* Жеп коюу, чайноо. *Ыймаш бат эле бир көмөч нандын теңин күйшөдү* («Ала-Тоо»).

КҮЙШӨЛ күйшө этишинин туюк мамилеси.

КҮЙШӨӨ күйшө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЙШӨТ күйшө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮКҮК *зат.* 1. Өзү уя салбай, жумурткасын башка уяларга тууган, токойлордо, бак-даректуу жерлерде жашоочу келгин куш.

2. *өт.* Акын, ырчы. *Күкүгүң эле Токтогул, Күн тийбес жерге айдалды* (Токтогул). *Күү чертип эркин сайраган Күкүк элем, наалыдым* (Токтогул).

◆ **Күкүк болуп кирүү** — ашып-ташуу, катуу агуу, ташкындоо (суу жөнүндө). *Күкүк болуп суу кирип жатат.*

КҮКҮКТӨ *этиш.* Ташкындоо, ашып-ташуу, катуу агуу, кирүү (суу жөнүндө). *Тоолорду жарып чыгып жаңы дайра, Күкүктөп агып кирди батпай сайга* (Маликов).

КҮКҮКТӨН күкүктө этишинин өздүк мамилеси.

КҮКҮКТӨӨ күкүктө этишинин кыймыл атоочу.

КҮКҮМ *зат.* Нерсенин майдаланган талкаланган кичине, майда бөлүгү. *Жапаркул.. бөлкөнүн күкүмүн.. чебердеп та-*

бакка күбүп жаткан экен (Элебаев). [*Баганалардын*] *кычыгынан көмүрдүн күкүмдөрү себелеп турат* (Сасыкбаев).

КҮКҮМДӨ *этиш.* Майдалоо, талкалап майда кылуу. *..Арча бутактарынан.. кол казанга күкүмдөп майдалагандан кийин очоктон үч-төрт чокту сала койду* (Абдукаримов).

КҮКҮРТ *зат.* 1. Өнөр жайда, айыл чарбасында, медицинада колдонулуучу сары түстөгү күйүүчү химиялык элемент. [*Кыргызстанда*] *күкүрттүн.. зор ресурстары бар* («Коммунист»). *Күкүртү күйөт жаркырап, Нефтиси агат шаркырап* (Үсөнбаев).

2. *диал.* Ширеңке. *Күкүртүң болсо берчи.*

КҮЛ I *зат.* Заттын күйүп бүткөндөн кийинки калдыгы. [*Бүбүш*] *кемегедеги күлдү оодарыштырды, бирок от тапканы жок* («Ала-Тоо»).

◆ **Күлү додо болбоо**—бир жерге байыр албоо, турук албай көчүп жүрүү. **Күйбөгөн жери күл болуу** — чычалоо, ыза болуу, жаны ачуу, жаны кашаюу. *Назгүлдүн сөзүн укканда, Шариптин күйбөгөн жери күл болду* (Бейшеналиев). **Күл ала болуу** — боз ала болуу, ындыны өчүү, шагы сынуу. *Жанатадан бери сүйүнгөнүмдү кара, күл ала болуп сумсайганымды кара* (Байтемиров). *Силердин күл алаңарга калтырды го түбөлүк* (Сыдыкбеков). **Күл азык** *к.* **азык.**

КҮЛ II *зат.* Қарт-карт болуп жүнүн жыдытып жиберүүчү койлордун тери оорусу.

КҮЛ III *туурассы:* **гүл.**

КҮЛ IV *этиш.* Қаткыруу, кыткылыктоо. *Азамат болсоң, жаш балдар, Жаман ишке күлбөгүн* (Токтогул). *Насип баягы Каныш энени үнүнөн тааныды да, күлүп жиберди* (Таштемиров).

КҮЛАПСА *зат.* Чыйкан сыяктуу, бирок көгөрүп муундарга чыгуучу жаман жара. *Бооруңа күлапса чыккыр.*

КҮЛГҮН *сын.* 1. Ачык көгүш түс. *Жолдун бою күлгүн жашыл Толгон экен жаңылык* (Бөкөнбаев). *Күзүндө жамгыр болбосо, Күлгүн чөп кайдан бүрдөсүн* (Токтогул).

2. *өт.* Жаш. *Ышкындай солкулдаган күлгүн жигиттер биринен бири талашып, өздөрү келбейт беле* (Сыдыкбеков). *Күлгүнүңдө кетипсиң. Күз куураган чырпыктай* (Токтогул).

КҮЛДӨ I *туурасы:* **гүлдө.**

КҮЛДӨ II *этиш.* Бир нерсенин бетине күл жабуу, күл менен тазалоо. [*Бугимовдун*] *бетинин түрү күлдөгөн тери кебетеленип турат* (Сасыкбаев).

КҮЛДӨӨ күлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛДӨТҮҮ *туурасы:* **гүлдөтүү.**

КҮЛДҮ *такт.* Жалпы, мүлдө. *Күлдү кыргыз журтумду Көрөр бекем дегемин* (Токтогул). *Күлдү баатыр баары бар* («Манас»).

КҮЛДҮР I күл этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЛДҮР II *туур.* Нерсенин калдыр-күлдур эткендей туюк дабышын билдирүүчү сөз. *Паровоз така-така, күлдүр-күлдүр, Тынымсыз кетип барат күндүртүндүр* (Абдыраманов). *Ой трактор! Күлдүршалдыр, Чөгөрө сал, терең алдыр* (Элебаев).

КҮЛДҮРГҮЧ *сын.* Адамды күлдүргөнгө шыктуу, куудул, шайыр. *Токтогул өтө куудул* [*комик*], *күлдүргүч болгон* (Бөкөнбаев). *Мүлдө кыргыз жеринде Күлдүргүч сендей жок эле* (Осмонкул).

КҮЛДҮРӨ *этиш.* Күлдүр-күлдүр этүү. *Тоо көчкөндөй күлдүрөп, Кан күйөөсү дедирип* (Жантөшев).

КҮЛДҮРӨӨ күлдүрө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛДҮРӨТ күлдүрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЛКҮ *зат.* 1. Қызыктуу нерсени көргөндө же укканда, шаттанганда, кытыгылаганда ж. б. кыткылыктап же каткырып чыккан дабыш. *Ичи оорулуу күлкү сүйбөйт* (макал). *..Тамашага кошул-ташыл күлкүлөр да чыкты* (Сыдыкбеков).

2. Шылдың, келеке, мыскыл. *Доско күлкү, душманга таба болбо* (Жантөшев). *Күлкү болдуң фашисттер, Ач кандектей үлдүрөп* (Осмонкул).

КҮЛКҮЛҮҮ *сын.* Күлкү келтирерлик, тамашалуу. *Ал ар качан күлкүлүү же кайгылуу окуядан кеп салууну жакшы көрөт* (Жантөшев). *Күлкүлүү шайыр сөзүн уккан сайын, Көңүлүм козголду бейм көтөрүлүп* (Осмонкул).

◆ **Күлкүлүү пьеса** — *эск.* комедия.

КҮЛКҮЧҮ *сын.* Болор-болбоско деле күлө берүүчү, көп күлүүчү, күлө берген. *Санаасы жок — уйкучу, ары жок — күлкүчү* (макал). [*Керез*] *оюнкарак, күлкүчү, куудул-шылдыңчыл боло баштады* (Бейшеналиев).

КҮЛКҮЧҮЛ күлкүчү менен бирдей.

КҮЛМҮҢДӨ күлүңдө менен бирдей.

КҮЛӨ *зат.* Селденин астынан кийүүчү төбөсү бийик топу, төбөсү бийик баш кийим. *Күлө кийип башына Алакан ачып жайылтып* (Тоголок Молдо). *Мендирман кийди окшошуп, Думананын күлөсүн* (Жантөшев).

КҮЛПӨҢ *зат.* Айдың, даңк. *Семетейдей чунактын Айдыңынан ай көркөт, Күлпөңүнөн күн көркөт* («Семетей»).

КҮЛПӨТ *зат.* Таң-тамаша, оюн-күлкү, зоок-кече, үлпөт. *Күйөө келип той болуп, Күлпөткө балдар жыргашып* («Олжобай менен Қишимжан»).

КҮЛТҮЙ *этиш.* Чоң жана семиз көрүнүштө болуу; күрсүйгөн, дүмпүйгөн көрүнүштө болуу. *Бир оокумда ак сарғыл, бети тултугуй, күлтүйгөн чоң киши келди* (Бектенов).

КҮЛТҮК *зат.* Сийдик, заң түшсүн үчүн бешиктин астына бириктирилип коюлган идиш.

◆ **Күлтүгү жок** — уятсыз, уяты жок.

КҮЛТҮҢ: күлтүң-күлтүң *туур.* Чоң, күрсүйгөн кебетедеги олдоксон кыймылды билдирүү үчүн колдонулат.

КҮЛТҮҢДӨ *этиш.* Күлтүң-күлтүң эткен олдоксон кыймылда болуу, күлтүң-күлтүң этүү. *Байдөбөтүңөр мындан кийин күлтүңдөп бул жерде жүрүүчү болбосун* (Маликов).

КҮЛТҮҢДӨӨ күлтүңдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛҮҚ *сын.* Катуу жүгүргүч, тез чуркагыч, катуу жүгүрүшү, чуркашы боюнча башкалардан айырмаланган. *Күлүк атын атамдын Сурап келгин, кырк жигит* («Курманбек»). *Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, Тер көтөрбөй күлүк болбойт* (макал). *Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт* (макал).

КҮЛҮКТҮК *зат.* 1. Тез чуркоочулук, тез жүгүрүүчүлүк. *Күлүктүктүн белгиси — Жер тандабай жүгүрөт* (Токтогул). *Атка жеңил, тайга чак Күлүктүгү бар экен* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Ырдаганда токтолбой шар кетүүчүлүк, төгүп ырдоочулук. *Күлүктүгүм карматсам, Жарышмакка кандайсың* (Осмонкул).

КҮЛҮМ: күлүм көз — көзү күлүңдөгөн, күлүңдөп турган. *Күлүм көз келин кездешти, Кийгени жибек шоодурап* (Маликов).

КҮЛҮМДӨ күлүңдө менен бирдей.

КҮЛҮМСҮРӨ *этиш.* Күлүүгө жакындаган мүнөздө, жайдары, жылмайыңкы көрүнүштө болуу. [*Мамбетовдун*] *эриндери күлүмсүрөп, суйдаң каштары жазыла түштү* (Бейшеналиев). *Яша кубангандай күлүмсүрөп ордунан турду* (Жантөшев).

КҮЛҮМСҮРӨӨ күлүмсүрө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛҮМСҮРӨТ күлүмсүрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЛҮМЧҮ: күлүмчү жыттануу —жагымсыз, жаман жыттануу; жылуу абага бүксүгөн, ачыган нерсенин жыты кошулгандагыдай жыт чыгуу. *Механикалык цехтин ичинде.. күлүмчү жыттанып турат* («Кыргызстан аялдары»). *Бир гана айырмасы тоо жели таптаза, салкын бул болсо күлүмчүрөөк жыттанат* (Байтемиров).

КҮЛҮҢДӨ *этиш.* Күлкүсү келгендиги, жайдарылыгы билинип туруу; кубанып, күлүмсүрөө. *Маруся.. сыр бербестен күлүңдөй карайт* (Сыдыкбеков). *Игнатьев күлүңдөп артына карады* (Жантөшев).

КҮЛҮҢДӨӨ күлүңдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛҮСТӨН гүлүстөн менен бирдей.

КҮЛҮҮ күл этишинин кыймыл атоочу.

КҮЛҮШ: күлүшүп калуу — жаңыдан күлө баштоо, бала күлгөнгө жарап калуу. *Кызым күлүшүп калды.*

КҮЛЧӨ *зат.* 1. Май кошулуп, тандырга бышырылган майда нан; тегерек майда нан. *Айланайын кербендер, Күйүк күлчө нан барбы?* («Кедейкан»).

2. Жазы, тилке-тилке кылып кесилип, сорпого бышырылган камыр; күлчөтай. *Эки киши чакырып, бир табак күлчө жегенге менен эптеме чыкпайт* («Ала-Тоо»).

КҮЛЧӨТАЙ *зат.* Эттүү сорпого тилке-тилке камыр кошулуп бышырылган тамак. *Батыш күлчөтай жасаган* (Байтемиров).

КҮМБӨЗ *зат.* Мүрзөнүн үстүнө курулган эстелик курулуш. *Кыш кайнатып бек салдым Атакеңдин күмбөзүн* («Манас»). *Айтылып элде калсын деп, Ак күмбөз өзү салдырган* (Бөкөнбаев).

КҮМ: күм-жам болуу — ойрон болуу, кыйроо, таш-талканы чыгуу жок болуу. *Ал жараңкадан түшүп кеткен мал.. арылдаган суугa тийип, күм-жам болот да калат* (Жантөшев).

КҮМӨН *зат.* 1. Шек. [*Волков*].. *мага жакпайт. Себеби жүрүш-турушунда күмөнүм бар* (Жантөшев). *Жамийланын араба айдап кетишине мен эч кандай күмөн санаган жокмун* (Айтматов).

2. *өт.* Бойго бүткөн бала. *Аруукенин боюнда үч ай калган күмөн бар* («Манас»).

КҮМӨНДӨР *сын.* Шектүү, ишенимсиз, күмөндүү. *Иштин жай маанисине жете түшүнбөгөн Жумабек күмөндөр болду да, сөз катканы жок* («САЖИ»).

КҮМӨНДҮҮ *сын.* Күмөнү бар, шеги бар, шектүү, күмөндөр.

КҮМӨНСҮЗ *сын.* Күмөндүү эмес, шексиз, ачык, даана.

КҮМП *туур.* Оор нерсе жумшак нерсеге урунганда катуу чыкпай, акырын, туюк чыккан дабыш.

КҮМПҮҢДӨ *этиш.* Тышка чыгарбай, өз билгенинче эле аракеттене, убаралана берүү.

КҮМПҮҢДӨӨ күмпүңдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮМҮРӨЙ *сын.* Каргыш тийген, жакшылыгы жок, ырайымсыз. *Жалгыз гана жолтоо күмүрөй түндүн күндөгүдөй болбой тургандыгы* (Жантөшев).

◆ **Күмүрөй кылуу** — жок кылуу, ташталканын чыгаруу. *Күмүрөй кылам түбүңдү, бурут* («Манас»).

КҮМҮШ *зат.* 1. Кымбат баалуу жаркырак ак металл. *Алтын, күмүш казып, Жердин баарын кен кылган* (Үметалиев).

2. *өт.* Жылтырак ак түс, ак. *Гүл , токой, күмүш кайың, мырза терек, Үргүлөп салты менен турса керек* (Аалы). *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, Күлүп дыйкан эмгегине сүйүндү* (Бөкөнбаев).

КҮМҮШТӨ *этиш.* Күмүш чабуу, күмүштүн буусуна кармоо. *Күмүштөгөн көмөлдүрүк. Күмүштөгөн басмайыл.*

КҮМҮШТӨЙ *сын.* Күмүшкө окшош, күмүш сыяктуу, ак. *Таңга маал көлдүн бети күмүштөй ак кардуу бийик тоолорго жарашып.. жатты* (Сасыкбаев).

КҮМҮШТӨЛ күмүштө этишинин түюк мамилеси.

КҮМҮШТӨӨ күмүштө этишинин кыймыл атоочу.

КҮМҮШТҮҮ *сын.* Күмүшү бар, күмүш кошулган, күмүш чабылган.

КҮН *зат.* 1. Жер жана башка планеталар тегерегинде айланып жүрүүчү, жы-

луулук, жарык таратуучу асман телосу. *Чындыгында эле Күндүн жылуулугу менен жарыгы болбосо, Жердеги тиричиликтин болушу да мүмкүн эмес.*

2. Эртеден кечке чейинки сутканын бир бөлүгү. *Мына, күн узарып, жылуулук берди* (Убукеев).

3. Сутка, 24 саатты ичине алган мезгил. *Январда 31 күн бар. Ал беш күн ооруду.*

4. Убакыт, мезгил, учур. *Советтин бир баатыры эр Панфилов, Кеттиңиз оор күндө арабыздан* (Нуркамал). *Кийинки күндө [Шабыраалы] өзү да шалакы болуп кетти* (Байтемиров).

5. Турмуш, тиричилик, жашоо, абал. *Чыгым анда толуп кетип, Элдин күнү кууруган* (Аалы). *Ошонун баары жоо болсо, Ортосунда Канышай Кандай күндө калды экен* («Курманбек»).

6. Календарлык дата, айдын белгилүү бир числосу; кандайдыр бир окуяга арналган дата. *Аялдардын эл аралык күнүн майрамдоо* («Жаш ленинчи»). *Партиялык комитет айына бир жолу малчылардын күнүн өткөрөт* («Советтик Кыргызстан»).

7. Аба ырайы, жаан-чачын. *Күн ачык. Күн бүркөк, себелеп жаап турат* (Баялинов). *Күүгүм кире күн дыбырап жаап кирди* (Байтемиров).

◆ **Күн мурун** — алдын ала, мурдатан, эрте. *Жабылып жалпы журту конок алмак, Күн мурун тамак-ашын турат камдап* (Маликов). **Күнү-түнү** *же* **күндүр-түндүр** — күндүз да, түндө да, кайсы учурда болбосун. *Эсимден чыкпайт күнү-түнү, Эжеден туулган бала деп* (Үсөнбаев). *Рудольфтун жаш кыялы алып учуп, күндүр-түндүр ойлогону орус эли, орус жумушчулары* (Баялинов). **Күн какты болуу** — жайлоого же эркин коё берилбей, ишке чегилүү (көбүнчө жылкы жөнүндө). *Сенин күн какты болгон аттарың Күндүк жолго жарабас* (Осмонкул). **Жумуш күнү** — ишти, кызматты аткарууга белгиленген белгилүү убакыт, саат. *Жумуш күнү аяктап баратты* (Каимов). **Күн көрүү** — жашоо, турмуш өткөрүү, оокат-тиричилик кылуу. *Сүйбөгөнүң менен, анын үстүнө апсыйган картаң чал менен кантип күн көрүүгө болот?* (Абдукаримов). **Күн көрсөтпөө** — кордук көрсөтүү, өз жайына койбоо, үстөмдүк кылып алуу, чоңдук кылуу. **Балдарынын күнүн көрүү** — балдарынын жыргалын, ырахатын, пайдасын көрүү. *Багыңды коргоп жоо сайган Балдарыңдын күнүн көр* (Үмөталиев). **Ай-күнүнө жетүү** — төрөтүнө жакын калуу, убактысы жетүү. *Ай-күнүнө жетип турган келинчеги Айганыш.. кыз-келиндердин катарында тамылжып олтурат* (Сыдыкбеков). **Күнү түшүү**—оор, кыйын абалда, шартта калуу; оор турмушка, кыйынчылыкка дуушар болуу. *Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет, Эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет* (макал). **Бирөөгө** *же* **бир нерсеге күн салуу** *же* **күнү калуу** — бирөөнүн көзүн кароо; бирөөгө, кандайдыр бир шартка көз каранды болуу. *Кишиге салган күн курусун, көзүн караган сайын адамды күңкор кылып жиберет* (Жантөшев). *Дөөйгө күн салгылык кылбасын* (Байтемиров). **Башына каран күн түшүү** *же* **күнү каран болуу** — чоң кайгыга, бакытсыздыкка, азапка, кыйынчылыкка дуушар болуу. *Башына каран күн түшкөн Сансыздын алачыгы күндөгүсүнөн беш бетер шүмүрөйгөнсүп турат* (Жантөшев). *Эгер бул агабыз болбогондо күнүбүз каран болот эле* (Жантөшев). **Каран күн!** *же* **кокуй күн!** — кайгырганда, өтө чочуганда, корккондо, катуу нааразылыгын билдиргенде айтылуучу сөз. *Эмне дейт, каран күн, кудай? А, кокуй күн, дагы эмне болуп кетти!* **Күнү туу** — ойдогусундай, каалаганындай шарт пайда болуу, тилеги орундалуу. *Күнүм тууду, өкмөткө мен курман, Менде жоктун баарын берди өзүмө* (Аалы). **Күнү бүгүнкүдөй** — ошол бойдон, өзгөрбөгөн, бир калыпта, жаңы бойдон. *Уялары күнү бүгүнкүдөй* (Жантөшев). **Күнү бүгүн** *же* **күнү бүгүнгө чейин** — азыр да, ушул убакка чейин. *Бул зулумдардын таягынын заары күнү бүгүнгө чейин сөөк-саагымды сыздатып жүрөт* (Абдукаримов). **Күн карама** — 1) даны кабыкчанын ичинде боло турган, чоң сары топ гүлү көбүнчө күн тарапты багыт алып туруучу техникалык өсүмдүк. *Толгон айдай күн карама жылмаят, Адатынча күндү карап күндөгү* (Аалы); 2) өң карама, кошоматчы, күчтүүрөөк болуп бараткан кишинин, тараптын сөзүн сүйлөгөн.

КҮНГӨЙ *зат.* Күнгө караган бет, күндү караган жак, тарап (көбүнчө тоо жөнүндө). *Күңгөйгө батпай кой-жылкы Карды тээп чыктуу чөп жешет* (Токобаев). *Күнгөйү күнгө чагылып, Тескей жагы көлөкө* (Шүкүрбеков).

КҮНГӨЙЛӨ: күнгөйлөп жөнөө *же* **күнгөйлөп жаюу** — күнгөй тарап менен жөнөө, тоонун күнгөй тарабына жаюу. *Койчулар койлорун күнгөйлөп жайып чыгышты.*

КҮНГӨЙЛӨТ күнгөйлө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮНДӨ *такт.* Күнүгө, күн сайын, ар күнү; дайыма. *Күндө чыккан күлүккө, Саяпкер алган тер кызык* (Токтогул). *Күндө келген күл уруттайт, айда келген май уруттайт* (макал).

◆ **Күндөп-түндөп** — күнү-түнү менен, күндүзү да, түндө да, күндүзгүсүн да, түнкүсүн да, кайсы учурда болбосун. *Каргашалуу куба кой, Күндөп-түндөп жөтөлдүң* (Тоголок Молдо). *Түндөп-күндөп токтобой, Көчүп турган ким болот?* (Тоголок Молдо).

КҮНДӨГҮ *такт.* Күндө болуучу, мурдагы, адаттагы, демейдеги. [*Татыбектин*] *күндөгүдө караганда өңү да кумсарыңкы* (Байтемиров).

КҮНДӨГҮДӨЙ *такт.* **Мурдагыдай, адаттагыдай, демейдегидей.** *Жылдызкан бүгүн күндөгүдөй башы жаздыкка тиер замат уйкуга кеткен жок* (Байтемиров).

КҮНДӨКҮ күндөгү менен бирдей.

КҮНДӨЛҮК I *зат.* 1. Күн сайын, учурдагы болгон иштерди, баштан өткөндөрдү, өз оюн ж. б. жазып жүрө турган дептер. *Отряддын күндөлүк дептерине бүгүнкү саякат тууралу эстелик жазышты эмне эстебейсиңер?* (Сыдыкбеков).

2. Үйгө берилген тапшырмаларды жазып коюучу жана алган баалары коюлуучу окуучунун дептери. *Анда-санда гана айрым сөздөрү болбосо, күндөлүк таза* (Сыдыкбеков).

КҮНДӨЛҮК II *сын.* Күнүнкү, күнүгө боло турган, учурдагы. [*Революциядан мурунку жумушчулардын*] *тагдыры, күндөлүк турмуш-тиричилиги.. азаптуу эмгегине гана байланышкан* (Сасыкбаев). *Күндөлүк кабарларды окуп турабыз.*

КҮНДӨШ *зат.* Күнү, күнүлөш. [*Айымкандын төрөбөгөндүгү*] *..ага кайгы, күндөштөрүнө кубаныч болду* (Қаимов).

КҮНДӨШТҮК *зат.* Күнүлүк, күнүлөштүк.

КҮНДҮЗ *такт.* Эртеден кечке чейинки сутканын бөлүгү, түндүн карама-каршысы. *Күндүз кечке Анархан менен Дарыяхан жол тосуп, түндөсү Чоко жол тосот* (Жантөшев). *Чүйдүн күндүзү ысык, түнү салкын* (Абдумомунов).

КҮНДҮЗГҮ *сын.* Күндүзү, күндүз болгон, күндүз болуучу. *Күндүзгү көргөн жыгачтан Көрүнбейт бири кенедей* (Жантөшев). *Күндүзгү смена учуру болчу* (Сасыкбаев).

КҮНДҮЗГҮДӨЙ *сын.* Күндүзгү мезгилдегидей; жапжарык. *Күндүзгүдөй түнүндө Күйүп турган шамы бар* (Токтогул).

КҮНДҮЗГҮСҮН *такт.* Күндүзү, күндүзгү маалда. *Күндүзгүсүн талаада Отун терип өткөргөн* (Барпы).

КҮНДҮЗҮ *такт.* Күндүзгү маалда, күндүзгү учурда. [*Карындашың*] *Урушуп алган күндүзү* (Үсөнбаев).

КҮНДҮЗҮН *такт.* Күндүзү, күндүзгү маалда, күндүзгү учурда. *Күндүзүн жана түнкүсүн жаңы тынбайт.*

КҮНДҮК *сын.* Бир күнгө таандык; бир күн чегиндеги убакыт, өлчөм. *Күндүк норма экиден Артып кетет ар күнү* (Аалы). *Күндүк жерге үгулат, Гудоктун үнү заңкылдап* (Осмонкул). *Күмүш канат күндүк эле жол кылды Москва менен Фрунзенин арасын* (Аалы).

КҮНДҮКЧҮ *зат. эс.* Күндүк ишке, күндүккө иштеген адам.

КҮНДҮР: күндүр-түндүр — күндүз да, түндө да тынымсыз. *Сапарбек күндүр-түндүр тынбай ишке чөмүлдү* («Ала-Тоо»). *Рудольфтун.. күндүр-түндүр ойлогону орус эли, орус жумушчулары* (Баялинов).

КҮНЕС күнөс менен бирдей.

КҮНЖАРА *зат.* Май чыга турган өсүмдүктөрдүн уруктарынан майды сыгып алгандан кийинки калдыгы. *Бир тонна чигиттен 400 килограмм күнжара алууга болот* («Советтик Кыргызстан»).

КҮНКОР *сын.* Күнү калган, көз каранды. *Биз ал кишиге күнкорбүзбү же алып коюп бербей жүргөн бирдемебиз барбы* («Советтик Кыргызстан»). *Акылдаштар, амал жолун тапкыла, Мал талатып күнкор болуп турбайлы* (Аалы).

КҮНӨ *туурасы:* **күнөө.**

КҮНӨКӨР күнөөкөр менен бирдей.

КҮНӨКӨРЛӨ күнөөкөрлө менен бирдей.

КҮНӨМ күмөн менен бирдей.

КҮНӨМДӨР күмөндөр менен бирдей.

КҮНӨМДҮҮ күмөндүү менен бирдей.

КҮНӨМСҮЗ күмөнсүз менен бирдей.

КҮНӨӨ *зат.* Айып, кылмыш; жазык. *Каттан кийин күнөө Базарбектин мойнуна оогонсуду* (Қаимов). *Бир күнөөгө батарын деги батыпсың өзүң!* (Сыдыкбеков).

КҮНӨӨКӨР *сын.* Күнөөлүү, айыптуу, кылмышкер; жазыктуу. *Күкүгү элем көп элдин, Күнөөкөр болуп сенделдим* (Токтогул). *Эрке кыз күнөөкөр сыяктуу табышын акырын чыгарды* (Байтемиров).

КҮНӨӨКӨРЛӨ *этиш.* Күнөө коюу, күнөөкөр деп эсептөө, күнөөлүү деп табуу.

КҮНӨӨКӨРЛӨӨ күнөөкөрлө этишинин кыймыл атоочу.

КҮНӨӨЛӨ *этиш.* Күнөө коюу, айыптоо, күнөөлүү деп эсептөө. *Жакындагы жоболоңдуу окуя үчүн Салык Мамбеткулду күнөөлөйт* (Қаимов). [*Бурулча*] *Алтындын адамгерчилигин мактаган менен каттабай койгондугу үчүн күнөөлөдү* (Байтемиров).

КҮНӨӨЛӨӨ күнөөлө этишинин кыймыл атоочу.

КҮНӨӨЛҮҮ *сын.* Күнөөсү бар, айыптуу, кылмыштуу; жазыктуу. *Булар күнөөлүү эмес, баарын баштаган менмин* , — *деп чынымды айттым* (Аалы).

КҮНӨӨСҮЗ *сын.* Күнөөсү жок, айыпсыз, кылмышсыз; жазыксыз. *Күн тийбеген чуңкурда Күнөөсүз жаттым камалып* (Бөкөнбаев).

КҮНӨС *зат.* Күн тийип турган жер, күн тийген жак. *Эркин жайлоо, атыр жел, Элим күнөс чыгышта* (Осмонкул). *Күнөс түштүк күчү менен макталат, Колхозчулар кар дөбөдөй пахта алат* (Аалы).

КҮНӨСТҮҮ *сын.* Күн тийип турган, күндүү, күн жакшы тийген. *Күнөстүү кыргыз тоолорунда кышкысын.. кар түшпөй турган.. жерлер бар* (Қаимов). *Эмчегине уюз жыйнап, Күнөстүү жерге мал барат* (Токобаев).

КҮНСҮ *этиш.* Күндө калып сапаты өзгөрүү, бузулуу (мис., кымыздын, айрандын даамы).

КҮНҮГӨ *такт.* Ар күнү, күн сайын, дайыма. *Бир айткан окуясын күнүгө кайталайт* (Жантөшев). *Аз өмүрдүн ичинде Амандашкын күнүгө* (Токтогул).

КҮНҮ *зат. тар.* 1. **Көп аялдуу кишинин аялдарынын өз ара мамилелерине карата бирин бири аташы; мамилеси жагынан көп аялдуу кишинин аялдары (бири-бирине карата).** *Күнү үстүндө кор болдуң, Күлгүн жашың тең жүрбөй* (Тоголок

Молдо). *Абысын—аңдышкан жоо, күнү — күйүшкөн жоо* (макал).

2. *өт.* Күнүлөшкөн, башка бирөөгө атаандашып, эрегишкен аял.

КҮНҮЛӨ *этиш.* 1. Бир аял экинчи бир аялга карата ичи тардык кылуу.

2. Ичи тардык кылуу, атаандашып, эрегишүү. *Жаман туган көрө албайт, Жакшылык консо күнүлөп* (Осмонкул).

КҮНҮЛӨӨ күнүлө этишинин кыймыл атоочу.

КҮНҮЛӨШ I *зат.* Күнү аял (бири-бирине карата күнү мамиледеги аялдар жөнүндө).

КҮНҮЛӨШ II *этиш.* Бири-бирине эрегишүү, күнүлүк, ичи тардык кылуу (аялдар жөнүндө).

КҮНҮЛӨШТҮК күнүлүк менен бирдей.

КҮНҮЛҮК *зат.* 1. Көп аялдуу кишинин аялдарынын өз ара мамилеси, бирин-бири көрө албоочулук мамилеси. *Балдардан улам чырлашкан, Күнүлүктү коюңар* (Жантөшев).

2. Көрө албастык, ич тардык, атаандашуучулук. *Билер-билбес экөөндө Күнүлүгү бар экен* («Эр Төштүк»).

КҮНҮМДҮК *сын.* 1. Бир күндүк, бир күндүн ичинде иштелген иштин өлчөмүндөгү, чениндеги. *Күнүмдүк акым канча турат?*

2. Күндөлүк, учурдагы, убактылуу, түбөлүк эмес. *Күчүң барда иштеп көн, Күлуп-жайнап, эр жигит, Күнүмдүктү ойлобой, Кулак байлап жер жибит* (Токтогул). *Акылсыздар күнүмдүк Дүнүйөгө сатылат* (Осмонкул).

КҮНҮН *такт.* Ошол эле күнү, бир күндүн ичинде. *Күнүн барып, күнүн келди.*

КҮНҮНКҮ *такт.* Бир күндүн ичиндеги, бир күнкү, бир күндүк. *Күнүнкү тапканын күндө сарп кылат.*

КҮНҮЧҮ күнүчүл менен бирдей.

КҮНҮЧҮЛ *сын.* 1. Ичи тар, көрө албас.

2. Күнүлөгөндү жакшы көргөн (көбүнчө аялдар жөнүндө); кызганчаак. *Мухаббат койнун ачканда, Күнүчүл жүрөк туйлады* (Аалы).

КҮНҮЧҮЛҮК *зат.* 1. Күнү аялдардын бири-бирине карата болгон күнүлүк мамилеси, күнүлөштүк мамиле.

2. Ичи тардык, көрө албастык, атаандашкандык. *Кыздар менен ойногон кезиңде да, сенин ушундай эч кимге жол бербеген күнүчүлүк адатыңы көп байкай тургам* (Абдукаримов).

КҮНЧҮЛҮК *сын.* Бир күндүк; бир күндүн ченинде өтүүчү (мис., аралык). *Күлүктөн өнөр чыгабы, Күнчүлүк жерге чаппаса* (Бөкөнбаев).

КҮҢ *зат.* 1. Кул аял.

2. *өт.* Бирөөнүн эркинен чыкпаган, айтканын эзүчиген, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон (аялдар жөнүндө). *Кул болуп өткөн атаңар, Күң болуп өткөн энеңер* (Аалы). *Келин-кыз байга күң болуп, Жигиттер байга кул болуп* (Осмонкул).

КҮҢГҮРӨ *этиш.* Ачык эмес, күңүрт дабыш, үн чыгаруу; дүңгүрөгөн туюк дабыш чыгуу. *Карыя.. күңгүрөгөн муңдуу күүнү акырын гана чертип чыкты* («САЖИ»). *Тоо көчүп, жер жарылып дүңгүрөдү, Жаңырык алда кайда күңгүрөдү* (Үмөталиев).

КҮҢГҮРӨН күңгүрө этишинин өздүк мамилеси.

КҮҢГҮРӨНҮҮ күңгүрөн этишинин кыймыл атоочу.

КҮҢГҮРӨТ күңгүрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮҢДУК *зат.* Күндүн абалы. *Үч айдын ичинде ыктыярың менен барбасаң, түбөлүк күңдүктө кармаймын* (Аалы).

КҮҢК: күңк этүү — сүйлөгөндө ачык эмес, даана эмес үн чыгаруу, ороңдогондой, жактырбагандай үн чыгаруу. *Ормокеев ачуусун ичине батыра албай күңк этти* («Ала-Тоо»). *Жаш келин эмнегедир кызара түшүп, жер карап күңк этти* (Сыдыкбеков). **Күңк-мыңк**—астыртан, ачык эмес айтуу; ачык жообун бере албоо, ачык айтпоо. *Студенттердин ичинде күбүр-шыбыр, күңк-мыңк, кулак түрүүлөр көбөйдү* (Бейшеналиев). *Адамбек эсепти билем же билбейм деп ачык айта албай, күңк-мыңк этип, кысылгансып калды* (Баялинов).

КҮҢКҮ I күңкүл менен бирдей.

КҮҢКҮ II *этиш.* Жыттануу, жыт чыгаруу. *Шекер сөздүү, нур көздүү, Жыпар күңкүп, жез бурап* («Манас»).

КҮҢКҮЛ *зат.* Күбүр-шыбыр, астыртан айтылган сөз, ачык айтылбастан астыртан билдирилген нааразылык. *Өздөрүн таза деп санашкан кээ бир абысындар аны көргөндө мурундарын тумчулап алышып, өз алдынча күңкүл сүйлөйт* («САЖИ»). *1911-жылы массалардын арасында күңкүл сөздөр өсө берди* («Коммунист»). *Аялынын күңкүлүн кулагы чала калган Акман.. алдыртан акырайып салган* (Сыдыкбеков).

КҮҢКҮЛДӨ *этиш.* Ачык эмес, угузбай акырын сүйлөө; астыртан өзүнчө кобуроо. *Алымкул бир туруп өз ичинен күңкүлдөп ырдамыш болот* (Абдукаримов). *Өз алдынча күңкүлдөп келаткан Омор жолунан Динарды жолуктурду* (Сыдыкбеков).

КҮҢКҮЛДӨӨ күңкүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮҢҮРТ *сын.* Тунарыңкы, бүдөмүк; ачык эмес, даана эмес. *Булуттун арасынан чыккан айдын нуру айлананы күңүрт гана жарык кылат* (Абдумомунов). *Эл чогулуп күңүрт ойго кеткен* (Турусбеков).

КҮҢҮРТТӨ *зат.* Тунарыңкы тартуу, бүдөмүктөө; ачык эмес, даана эмес көрүнө баштоо. *Бат эле туман каптап, айлана күңүрттөй баштады.*

КҮҢҮРТТӨН күңүрттө этишинин өздүк мамилеси.

КҮҢҮРТТӨӨ күңүрттө этишинин кыймыл атоочу.

КҮҢҮРТТҮҮ *сын.* Ачык эмес, даана эмес, бүдөмүктүү. *Терезе жакты карап*

улам-улам, Күңүрттүү үнүм менен обон салам (Шамшиев).

КҮП I *зат.* Май бышып чыгаруучу аспап.

КҮП II *зат.* Ичимдикти ж. б. ачытуура арналган идиш. *Дагы да Тасма менен Түбүн айтар, Ачыткан кымыз, бозо күбүн айтар* («Жазгыч акындар»). *Мен уу ачытам күбүңө, Ушинтип жетем түбүңө* («Сейтек»).

КҮП III: ак күп — балапандардын денесине биринчи чыккан түк жана балапандын ошол мезгилдеги кези.

КҮП IV *туур.* Жумшагыраак нерсени урганда, же ага урунганда чыгуучу күңүрт дабыш, дүңк эткен дабыш. *Кимдидир күп-күп сабады камчы, Куюлду белем кандары тамчы* (Абдыраманов). *Надя шолоктоп ыйлап койкасына күп жыгылды* (Бейшеналиев). *Машаа кошкон көп мылтык От койгондо күп этти* («Семетей»).

◆ **Күп-күп этүү** — катуу-катуу үн чыгаруу, күрсүлдөө, күпүлдөп сүйлөө. *Күп-күп этип күүлөнүп, Күрсүлдөдү Көкөтөй* («Эр Төштүк»). *Чоң койчу даражалуу кишилерче күп-күп эте сүйлөдү* (Жантөшев).

КҮПКӨ I *зат.* Боз үйдүн жаңы туулган төң сакталуучу сол тарабы; жаш төлдү же куштарды багуу үчүн тургузулган үйчө. *Күмүштөн боо тагылган.. Күпкө ичинде бағылган* («Семетей»). *Тиги кыштан тургузулган күпкөнүн биринчи эшигин ачты эле, ак ала, сары ала болуп тооктор жайнады* («Ала-Тоо»).

КҮПКӨ II күпка менен бирдей.

КҮПКӨЛӨ күпкала менен бирдей.

КҮПСӨЙ *этиш.* Чоң, дардайган, далдайган, күпүйгөн көрүнүштө болуу. *Соода палатасынын председателинин күпсөйгөн оор денеси шалдайып, отургучтан түшүп, жерге жылып бараткансыды* («САЖИ»).

КҮПСӨР *зат.* 1. *тар.* Мылтыктын дарысы салынуучу тери баштык. *Күпсөрдөн дары күбүлүп, Кара жандан түңүлүп* («Семетей»). *Күпсөргө дары куйганым, Күйүкпөй баскан буудайым* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Күпүйгөн, семиз, толук.

КҮПСӨРДӨЙ *сын.* Күпүйгөн, семиз, толук.

КҮПТҮ *зат.* Желген тамактын сиңбей калышы. *Болду, күптү болгон чүйлү тумшуктанган неме, — деди аксакал* (Жантөшев).

◆ **Ич күптү** — ичте сакталган нааразылык, кайгыруу, өкүнүү сезими. *Жүз көрүшкөндө эле ыйлашынан улам Токобай бу байкуштун күйүтү же ич күптүсү бар го деп болжоду* (Каимов).

КҮПҮ *зат.* Жаш тайлактын терисинен жасалган кемсел. *Деп ошентип эр Кыяз.. Этеги жайык бек күпү, Чүрөккө чечип берди эми* («Сейтек»).

КҮПҮГҮЙ *сын.* Күпүйгөн, жоон, калың көрүнүштөгү.

КҮПҮЙ *этиш.* Дүмпүйгөн, долдойгон, чоң көрүнүштө болуу, өткөрө калың кийинип алуу. *Ал күпүйүп кийинип алган неме сени тоотобу?*

КҮПҮЙТ күпүй этишинин аркылуу мамилеси.

КҮПҮЙҮҮ күпүй этишинин кыймыл атоочу.

КҮПҮЛДӨ *этиш.* 1. Күп-күп эткен дабыш чыгаруу. *Күпүлдөп күчтүү паровоз, Жел менен зуулап жарышкан* (Нуркамал).

2. Катуу үн чыгарып, бек-бек сүйлөө. *Мамбеттин күпүлдөгөн үнү алыстай баштады* (Каимов). *Унтер-офицер ызалангандай жер тепкилеп күпүлдөдү* (Жантөшев).

КҮПҮЛДӨӨ күпүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮПҮЛДӨТ күпүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮПҮҢДӨ *этиш.* Айтпастан эле убаралана берүү, өзүнчө эле күмпүңдөй берүү. *Сен өзүңчө эле эмне күпүңдөп жатасың.*

КҮПҮҢДӨӨ күпүндө этишинин кыймыл атоочу.

КҮПҮР *зат.* Күңкүл, күбүр-шыбыр, астыртан айтылган сөз.

КҮПЧӨК *зат.* 1. Дөңгөлөктүн огу өтүүчү жана чабактары сайылуучу ортонку бөлүгү; тегирмендин барасынын да ошол сыяктуу бөлүгү. *Күпчөгү көк жалкаяктап, тегирмен чуркабай калган* (Сыдыкбеков).

2. Териден ышталып, челек формасында, бирок андан кичирээк кылып жасалган туткасы бар идиш. *Керегенин башына киши башы бир күпчөк куйдуруп илип коюптур* (Жантөшев). *Күпчөккө салган бозо бар, Иче көрбө, жалгызым* («Манас»).

3. Чыңалып чыккан шишик; абдан толуп көөп кеткендик. *Буту күпчөк болуп шишип кетти.*

КҮПЧӨКТӨЙ *сын.* Күлтүйгөн чоң, абдан семиз; шишип, чыңалып чыккан.

КҮПШҮЙ *этиш.* Жоон, семиз же калың болуп көрүнүү. *Кадырлуу Кошой абабыз Күпшүйүп жөө калбайбы* («Манас»). *Күпшүйгөн жаңы сары тону, кара кийиз чокою.. барында мындай суук ага кеппи?* (Байтемиров).

КҮПШҮЙҮҮ күпшүй этишинин кыймыл атоочу.

КҮР I *сын.* Күчтүү, толуп турган. *Бир аздан күч кылайса шоола чачып, Эзелден күр эмгекке эшик ачып* (Турусбеков). *Кетмен-Төбө, Суусамыр өңдүү күр жайлоолор турганда кыргыздардын какыр чөл менен иши болбогон* (Сасыкбаев).

КҮР II *туур.* Машина жүргөндө же жыртыч айбандар дабыштаганда чыккандай үн, дабыш. *Комбайндар оркестрдей күү чалып, Күр-күр этип, эгин чабат ашыгып* (Осмонкул). *Күр.. күр.. эткен биздин куштун дабышы* (Осмонов).

КҮРГҮЧТӨ *этиш.* 1. Чогуу, жалпы кирүү; жапырт аракеттенүү.

2. Жабыла, тегеректеп айдоо; үстүүстүнө дүрбөлөңдөтүп айдоо; дүрбөлөңгө салуу, шаштысын кетирүү. *Элдин күчү*

калмакты Күргүчтөп койгон окшоду (Жантөшев).

КҮРГҮЧТӨӨ күргүчтө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРГҮЧТӨТ күргүчтө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРДӨӨЛ *зат.* Олуттуулук, зор маани, зор күч. *Тыштагы эркектердин дабышы дагы күрдөөл тарта баштады* (Жантөшев). *Келип көр, курбум, биз, жакка, Күрдөөлү кызык күз чакта* («Ала-Тоо»).

КҮРДӨӨЛДҮҮ *сын.* Олуттуу, зор маанилүү, негиздүү. *Кыргыз поэзиясы жалындуу, күрдөөлдүү доордон калбай арыш таштоодо* («Советтик Кыргызстан»).

КҮРДӨЛҮҮ күрдөөлдүү менен бирдей.

КҮРЖҮЙ *этиш.* 1. Булчуңдуу , денелүү, болук, семиз болуу. *Курбусу белем бир жүргөн, Күржүйгөн жигит кашында* (Маликов). [*Сергей*] *өтө далылуу күржүйгөн киши болуптур* (Сасыкбаев).

2. Топтошуп, калың болуп көрүнүү. *Күржүйгөн эбегейсиз кара булут Башында Тянь-Шандын турат тунуп* (Аалы).

КҮРЖҮҢ: күржүң-күржүң этүү —күржүйгөн көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Шакем күржүң-күржүң этип,.. каздын буртасын так окопто олтурганда жесин* (Сыдыкбеков).

КҮРЖҮҢДӨ *этиш.* Күржүң-күржүң этүү, күржүйгөн кишинин кыймылындай кыймылдоо, аракеттенүү. *Күн-жаңжүндүн алдынан Күржүңдөй басып кеткени* («Манас»).

КҮРЗҮ *зат.* Чоюндан уютулуп, баш жагы жоонойтулуп жасалган курал, чокмор. *Казандай күрзү көтөргөн, Төрт жүз балбан дагы бар* («Манас»). *Белинде күрзү казандай, Бет алган жоодон жазганбай* («Манас»).

КҮРКӨ *зат.* 1. Кепече. *Караңгы быкшыган там,.. күркө бузулуп, көк тиреген бийик үйлөр салабыз* (Элебаев).

2. Күпкө. *Ал күркөдөн күркөгө кирип, тооктун кыгын жыйып, эмгектенип жүрду* («САЖИ»).

КҮРКҮЛДӨ *этиш.* Көгүчкөндүн күүкүү эткениндей дабыш чыгаруу. *Алда кандай ала күүлөр күркүлдөйт* (Жантөшев).

КҮРКҮЛДӨӨ күркүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРКҮРӨ *этиш.* Күрүлдөгөн дабыш чыгаруу, күр-күр эткен дабыш, үн чыгаруу. *Кайрадан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов). *Күркүрөп жаткан дайранын Кулагың тунат шарына* (Бөкөнбаев).

КҮРКҮРӨК *зат.* Күркүрөп чыккан дабыш. *Бул жер күркүрөгү, шаркырагы жок тыңч.*

КҮРКҮРӨӨ күркүрө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРКҮРӨТ күркүрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРМӨ I *зат.* Бешмант, кыска кемсел. *Мамбеткул күрмөсүнүн чөнтөгүнөн чакчасын алып Мамбетке сунду* (Каимов). [*Сабырдын*] *үстүнө кийгени жүн салып кабыган жылуу күрмө-шым* (Сыдыкбеков).

КҮРМӨ II *этиш.* Чечилип кетпегендей кылып, илмектүү кылып казыкка, малдын мүйүзүнө ж. б. байлоо. *Акман.. чылбырын талдын.. бутагына күрмөп жаткан эле* (Сыдыкбеков). *Алдына салып айдатып, мойнунан күрмөп байлатып* (Тоголок Молдо).

◆ **Күрмөп жутуу** — ооздогу нерсени майдалап чайнабастан, тил менен ала салдырып козгоп жутуп жиберүү. [*Токтогул*] *кар сугунду да, тез-тез күрмөп жутуп жиберди* (Аалы). **Тили күрмөөгө келбөө** — сүйлөй албай калуу, так сүйлөй албай булдуруктоо. *Үсөн үшүгөнүнөн тили күрмөөгө келбей калыптыр.*

КҮРМӨК *зат.* Шалынын арасына чыгуучу, майда дандуу отоо чөп жана анын даны. *Канчалык аракет кылып отогонго моюн бербей, күрүчтү күрмөк жеңип кетти* (Жантөшев). *Түгөл күрүчтү сууга салып, күрмөгүнөн ажыратып тазалай баштады* (Бейшеналиев).

КҮРМӨЛ күрмө этишинин туюк мамилеси.

КҮРМӨӨ күрмө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРӨ *этиш.* Күрөк менен шилөө, тазалоо, башка жерге алып таштоо (карды, топуракты ж. б.). *Акбар атанын эшик алдын күрөдү* (Убукеев). [*Шахтёрлор*] *Осептин үстүндөгү уранды көмүрдү жанталашып күрөп жатышты* (Сасыкбаев).

КҮРӨК *зат.* Жерди казуу же бир нерсени шилөө үчүн колдонулуучу, жалпак, жазы учу бар узун саптуу эмгек куралы. *Темир күрөк. Жыгач күрөк. Кол күрөк.*

◆ **Аташ күрөк** *к.* **аташ I.**

КҮРӨКТӨ *этиш.* Күрөк менен казуу, күрөк менен шилөө, күрөк менен иштөө. *Жигиттер балчыктуу кара топуракты күрөктөп ыргытып турганын көрөсүң* («САЖИ»). *Карды күрөктөп тазалап жүрдүк* (Айтматов).

КҮРӨКТӨӨ күрөктө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРӨКТӨТ күрөктө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРӨКТӨШ күрөктө этишинин кош мамилеси.

КҮРӨНДҮ *зат.* Күрөлүп топтолгон, үйүлгөн нерсе (кар, акыр-чикир ж. б.). *Чыбыктар кышында күрөндүнүн алдына көмүлгөн* (Бейшеналиев).

КҮРӨҢ *сын.* Кофенин өңүнө окшогон, коңурга жакын түс. *Чоң эненин үстүндө уулу.. алып келип берген күрөң жибек көйнөгү* (Сыдыкбеков). *Көсөл күрөң үйдү бадага коштү* (Каимов).

КҮРӨӨ I *зат.* Карыз алынган же берилге турган акча үчүн убактылуу буюм коюш, салым, залог. *Күрөөгө коюу.*

КҮРӨӨ II: күрөө тамыр *к.* **тамыр. .**

КҮРӨӨ III: кыш-күрөө — кышкы сууктар, жалпы эле кыш мезгили.

КҮРӨӨ IV күрө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРӨӨКӨ *зат.* Эпостордо: алтындаган жибек материя. *Кийген тону Манастын Алтын жака күрөөкө* («Манас»).

◆ **Күрөөкө соот** — ок өтпөс жоо кийими. *Жолдошуң сайын бир-бирден Күрөөкө соот жабайын!* («Манас»).

КҮРӨТ күрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРӨШ I *зат.* 1. Эки киши кармашып, бирин-бири жыгууга кылган аракет. *Эркин күрөш. Классикалык күрөш.*

2. Салгылаш, беттешкен кармаш. *Уланы кетти кыргыздын Улуу майдан күрөшкө!* (Осмонкул).

3. Кандайдыр бир максатты, ишти аткаруу үчүн болгон кызуу аракет, кыймыл. *Басма сөз коммунизм үчүн күрөштүн алдынкы катарында болууга тийиш* («Коммунист»).

КҮРӨШ II *этиш.* 1. Эки киши кармашып, бири-бирин жыгууга аракет кылуу. *Эки жигит күрөшүп жатса, алардын ары жагынан экөө оодарышып жүрүшөт* (Жантөшев). *Балбандар оодарышат, күрөшөт, аркан сүйрөшөт* (Сыдыкбеков).

2. Салгылашуу, душман менен кармашуу, беттешүү. *Сен ушул биздин тоо үчүн, биздин көл, биздин жер үчүн күрөш* (Сыдыкбеков). *Жаңы аябай душмандар менен күрөшүп келебиз* (Жантөшев).

3. Максатка жетүү үчүн аракет кылуу; бир ишти аткаруу үчүн болгон кыймылга катышуу. *Күрөшүп таалай алышкан, Баатыр экен элиңер* (Турусбеков).

КҮРӨШ III күрө этишинин кош мамилеси.

КҮРӨШТҮР күрөш этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРӨШҮҮ күрөш этишинин кыймыл атоочу.

КҮРӨШЧӨӨК *зат.* Күрөшкөндү жакшы көрүүчү, көп күрөшүүчү. *Жалгыз аттуу — жарышчаак, жаман тондуу — күрөшчөөк* (макал).

КҮРӨШЧҮ *зат.* 1. Күч сынашып бирөө менен күрөшкө түшкөн, күрөшкө түшүүчү балбан.

2. Бир максатка жетүү үчүн болгон кыймылга, күрөшкө катышуучу.

КҮРП I *зат.* Эти үчүн багылуучу ири үй кушу. *Ахмет чал Мапияттын күрптөн корккөнүн карап отуруп күлдү* (Сасыкбаев).

КҮРП II: күрп-күрп *туур.* Суюк нерсенин урунушунан же аны бышып, чайкаганда чыгуучу дабыш. *Күрп-күрп бышкан сайын, кымыз күчүнө киргендей болот.*

КҮРПӨҢ *зат.* Туут маалына жетпей, кышында туулуп, эрте чоюлуп калган козу. *Козубуз чоңоюп күрпөң болду* («Жаш ленинчи»).

◆ **Күрпөң-күрпөң** — көбүнчө толук, семиз малдын чуркагандагы кыймылын элестетүүчү сөз. *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул).

КҮРПӨҢДӨ *этиш.* Күрпөң-күрпөң этүү; толук, семиз нерсенин кыймылы сыяктуу кыймылдоо, аракет кылуу.

КҮРПӨҢДӨӨ күрпөңдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРПӨҢДӨШ *этиш.* Кармашуу, алышуу, күч сынашуу (көбүнчө болук кишилер жөнүндө). *Күрөшө чыккан жоо болсо, Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн* («Эр Төштүк»). *Күркүрөп Жолой жеткенде, Күрпөңдөшө кеткенде* («Эр Төштүк»).

КҮРПҮЛДӨ *этиш.* 1. Күрп-күрп эткен дабыш чыгаруу; буркулдап, уруна күрүлдөп агуу (суюктук жөнүндө). *Кумуш оозго көөкөрдөн Күрпүлдөп кымыз куюлуп* («САЖИ»). *Кече күнкү күрпүлдөгөн долу Чүй, Эпке келип, бүгүн бизге багынды* (Турусбеков).

2. Бак-бак этип күпүлдөп сүйлөө, бакылдоо. *Күрпүлдөп жоон кебиң бар, Күрөшө турган эбиң бар* (Қаралаев).

КҮРПҮЛДӨӨ күрпүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРС *туур.* Оор нерсе жерге түшкөндө, жөтөлгөндө ж. б. учурларда кескин чыккан туюк дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Күрс-күрс лом согулуп, таш оодарылып турду* (Сыдыкбеков). *Күрс-күрс эткен оор жөтөл үн чыгат.*

◆ **Күрс этүү** — ачуулуу, кескин үн чыгаруу; корс, орой сүйлөө. *Акылы тайкы куу чогоол, Кара мүртөз күрс этер* (Жантөшев).

КҮРСҮ I *туурасы:* **күрзү.**

КҮРСҮ II *зат.* 1. *дин.* Кудайдын тактысы.

2. Такты, так. *Бакай аюу талпак салынган күрсүнүн үстүнө отурат* (Бөкөнбаев).

КҮРСҮЙ *этиш.* Өтө жоон, семиз болуп же чоң болуп көрүнүү. *Анын [Татыбектин] күрсүйгөн чоң тулку кыймылдап да койбойт* (Байтемиров). *Аюу жүрөт бышты өгүздөй күрсүйүп* (Осмонкул).

КҮРСҮЙҮҮ күрсүй этишинин кыймыл атоочу.

КҮРСҮЛДӨ *этиш.* 1. Күрс-күрс эткен дабыш чыгаруу; күрс-күрс этүү, дүңкүлдөө. *[Абдырахмандын] ыкшыма жөтөлү кармап узакка күрсүлдөп.. төшөккө кулады* («Ала-Тоо»). *[Ит] күрсүлдөп үрөнү бойдон үйдү айлана берди* (Аалы). *Замбиректер күрсүлдөп, миномёттор ызылдайт* (Жантөшев). *Күрсүлдөп жерлер казылды* («Эр Төштүк»).

2. Корс, орой сүйлөө; күпүлдөп бак-бак сүйлөө. *Одоно сүйлөп күрсүлдөп, Орой болбо жашыңда* (Қалык). *Чогулуш болсо кол серпип, Күрсүлдөдүң активим* (Үмөталиев).

3. Кайраттуу, катуу кыймылдоо. *Аркимге парс тирүүлүктө кызмат кылыш, Күрсүлдөп кээде иштегениң да дурус* (Шүкүрбеков).

КҮРСҮЛДӨК *сын.* Күрсүлдөгөн, корсулдап, күпүлдөп жүргөн. *Айдаган колдун ичинде.. Жоон өпкө күрсүлдөк .. Берк ал десең, баш кескен Жан кечкиси дагы бар* («Сөйтек»).

КҮРСҮЛДӨӨ күрсүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРСҮЛДӨТ күрсүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРСҮН *этиш.* Капа болуп терең үшкүрүү, көп катуу эмес дабыш чыгарып үшкүрүнүү. *Машинада термелип бара жаткан инженер.. Лиза аттуу кызын эсине түшүрүп, терең күрсүндү* (Сасыкбаев). *Чал.. ысык чайды удаа-удаа ичкенден кийин гана ..«өх» деп оор күрсүнүп, сакалын сылап койду* (Қаимов). *Кимдир бирөө үшкүрүк аралаш оор күрсүндү* (Сыдыкбеков).

КҮРСҮНТ күрсүн этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРСҮНҮҮ күрсүн этишинин кыймыл атоочу.

КҮРТ: күрт-күрт *туур.* Темир катуу нерсеге кырт эте тийген сыяктуу же күрсүлдөп жөтөлгөн сыяктуу чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Калый.. көмүрдү күрт-күрт сузуп тачкаларга жүктөөдө* (Сасыкбаев). *Тору кашка ооздугун күрт-күрт чайнап таскактап жөнөдү* («Ала-Тоо»).

КҮРТҚҮ *зат.* Кардын шилендиси, жыйылып калган кар. *Аттар омуроосуна чейин күртку карга тыгыла түшөт* (Каралаев). *Чилдер күрткүнүн түбүн көңдөйлөп, жырткыч куштардан коопсуз жерде тиричилигин өткөрө беришет* (Қаимов).

КҮРТҮК күртку менен бирдей.

КҮРТҮЛДӨ *этиш.* Күрт-күрт эткен дабыш чыгуу. *Иреңсиз, көз көрүнбөйт, шишик баскан, Калганы күртүлдөгөн жөтөл менен* (Аалы).

КҮРТҮЛДӨТ күртүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРҮ: күрү-күү түшүү — чуру-чуу түшүү, чуулдоо, чакчалекей түшүү. *Жүздөй жан күрү-күү түшүп, калың арчаны көздөй качып калышты* (Жантөшев).

КҮРҮЛДӨ *этиш.* 1. Күр-күр эткен дабыш чыгаруу, күрпүлдөө. *Трактор көгүлтүр түтүн чыгарып, алп мотору тынбай күрүлдөйт* (Сыдыкбеков). *Айланада көрүнгөн тоо, күрүлдөгөн суу билинбейт* (Жантөшев).

2. Күркүрөгөн жоон дабыш чыгаруу. *Ач арстандай күрүлдөп, Айбатынан ошонун Адамдын бою дүркүрөп* («Эр Төштүк»). *Күрүлдөгөн коңур үнүн эркин чыгарып сүйлөп жаткан толмоч кызыл жигит — зоотехник Базарбек* (Қаимов).

КҮРҮЛДӨӨ күрүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮРҮЛДӨТ күрүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮРҮЧ *зат.* 1. Шалы. *Таруу, күрүч, пахталар, Таңкы желге теңселип* (Нуркамал).

2. Шалынын даны. *Отун, суу, май, күрүч, сабиз — бардыгы мында даяр турат* (Аалы).

3. Палоо, шалынын данынан жасалган тамак. *Бакытбек күрүчтү чоң сугунуп алган эле, ошондуктан ал сүйлөөгө буйдоо кылды* (Турусбеков).

КҮСӨ *этиш.* Көксөө, эңсөө, каалоо. *Күсөгөн эрик таңы аткан тура, Көйкөлүп жарык нурун чачкан тура* (Турусбеков). *Душмандын кан күсөгөн тилсиз огу аны аямак беле* (Сыдыкбеков).

КҮСӨӨ күсө этишинин кыймыл атоочу.

КҮТ *этиш.* 1. Келет деп же кандайдыр бир аракет, окуя, жоопуруксат ж. б. болот деп токтой туруу, күйө туруу, аярдап тура туруу. *Жылдызкан.. тигилердин турушун чыдамсыздык менен күттү*(Байтемиров). [*Ракыя*] *энеси менен атасынын берер жообун күттү* (Байтемиров).

2. Болот деген ишениче, ойдо, үмүттө болуу. *Ой, энеке, сенден күчтүү жан барбы, Кандай күч бар сенден жардам күтпөгөн* (Аалы). *Чегиртке бүгүн Акмандын оозунан мындай жоопту угамын деп күткөн эмес* (Сыдыкбеков).

3. Тосуп алуу, каршы алуу, барктап сый көрсөтүү. *Кадырлап жакшы күтпөсө, Каргадай болгон жалгыздын Канын суудай чачамын* («Эр Табылды»). *Конок күтүп, кубанабыз той берип* (Нуркамал). *Улуу Октябрь элге берген таалай бак, Адал иштеп таалайды күт жакшылап* (Шүкүрбеков).

4. Өзүндө бар же өз карамагындагы малдын, нерсенин ж. б. камын көрүү, багып-кароо, кармай билүү. *Чарбанын күчү болобу Жемдеп, чөптөп күтпөсө* (Осмонкул).

5. Эө болуу, кармоо, сактоо; бар болуу. *Ак ниеттүү жылкычы, эмгегинен мал күткөн* (Акаев). *Короо, үй күтүп не керек, Курбуң басып кирбесе* (Осмонкул). [*Батиш*] *кээде кара таштай мелтиреп мүнөз күткөн кыз* (Сыдыкбеков). *Шаанилүү сөөлөт күткөн эркин элим, Кубанып, жаңы жылың куттуктаймын* (Бөкөнбаев).

◆ **Күтпөгөн жерден** — ойлобогон жерден, байкоосуздан, кокусунан. *Мен үчүн күтпөгөн жерден бактынын кени чыккандай болду* (Аалы). *Күтпөгөн жерден жолугуп, Чочуп кетти Каныш да* (Жантөшев).

КҮТТҮР күт этишинин аркылуу мамилеси.

КҮТҮЛ күт этишинин түюк мамилеси.

КҮТҮМ *зат.* Кам, камкордук; кароо, багуу.

КҮТҮМДҮҮ *сын.* Жакшы кам көрүүчү, жакшы күтүүчү. *Күтүмдүү киши.*

КҮТҮН *этиш.* 1. Күтүп алуу үчүн даяр туруу, камдануу, даярдануу, камылга көрүү. *Алыстан келер коноктун, Кабарын укпай күтүнбө* (Токтогул). *Кандай ишке бет алса, Камынып мурда күтүнгөн* (Үсөнбаев).

2. Кармоо. [*Зарыл менен Бурма*] *үй ичин таза күтүнүшөт* (Сыдыкбеков).

КҮТҮНҮҮ күтүн этишинин кыймыл атоочу.

КҮТҮР *туур.* Темир, таш, сөөк сыяктуу нерселерге тийгендегидей чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Кээде күтүр таш оодарылат* (Сыдыкбеков).

КҮТҮРӨ *этиш.* 1. Күтүр-күтүр эткен дабыш чыгуу.

2. Топуроо; дүрбөлөңдөп, үстү-үстүнө кошулуп жапырт жүрүү. *Күн батарда күтүрөп, Бада келчү жер ушул* (Турусбеков). *Көкбөрү келди жол менен, Күтүрөгөн кол менен* («Манас»).

КҮТҮРӨТ күтүрө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮТҮҮ күт этишинин кыймыл атоочу.

КҮТҮШ күт этишинин кош мамилеси.

КҮҮ I *зат.* 1. Комузда, домбурада чертилүүчү же музыкалык башка инструменттерде аткарылуучу музыкалык чыгарма, мелодия. *Ремеслолук окуу жайынын окуучулары комузда кеңири таркалган күүлөрдү чертип беришти* («Советтик Кыргызстан»). *Кыякчыбыз Бондарев сонун күүлөрдү тартат* (Сасыкбаев).

2. Бир нерсенин эпкини, илеби. *Канатынын күүсүнөн Элемандын сырттаны Учуп кете таштады* («Эр Төштүк»). *Бекжан балканы күү менен урат* (Абдукаримов).

3. Бир нерсенин шары, кызуусу. *Жолдоштордун күүсү менен унутуп Жүрүптүрмүн, мына быйыл эстедим* (Турусбеков).

4. Күч, ал, кайрат. *Бекем эмдиге күүдөн кала элек деп таңыркаша турган болду* («САЖИ»).

◆ **Ала күү** — чала мас, кызуу. *Ала күү болуп олтурушуп.. сөзгө кириштик* (Сасыкбаев). *Баары да кымызга ала күү* («Ала-Тоо»).

КҮҮ II *туур.* Бир нерсе урагандан же адамдар чогуу дуулдагандан ж. б. дуу этип чыккан дабыш. *Кең бат эле күү этип жарылып, кулак тунуп, көмүр тозоңу сапырылды* (Сасыкбаев). *Үй ичи күү-күү болуп, баш-аламан сөздөр айтылат* (Байтемиров).

КҮҮГҮМ *зат.* 1. Күч батканда кийинки, түн киргенге чейинки караңгы түшө баштаган мезгил; каш карайып, көз байланып калган кез. *Күн тегиз батып, күүгүм кирди* (Байтемиров). *Асман киргилт түскө келип, бара-бара күүгүм кирди* (Абдукаримов).

2. Болор-болбос гана жарык, ачык эмес, даана эмес, күңүрт. *Столдогу лампочкадан түшкөн кубатсыз шооладан үй ичи күүгүм тартып турду* (Ала-Тоо).

◆ **Күүгүм талаш** *же* **күүгүм бараң** — күүгүм боло баштаган, көз караңгы түшө элек кез. *Чуу күүгүм талаштагы токой арасынын тынчтыгын бузду* (Жантөшев). *Нурбай таң сүрө жөнөйт да, кайра күүгүм бараңда араң келет* (Баялинов).

КҮҮГҮМДӨ *этиш.* Күүгүм тартуу; ачык, даана көрүнбөө, күңүрттөнүү; күңүрттөнүп, караңгыланып көрүнүү. *Күн көрүнбөй күүгүмдөп, Ат көрүнбөй бүлбүлдөп* («Семетей»). *Көзү көрбөй күүгүмдөп, Көшүгөндөй үргүлөп* («Манас»). *Тамдын боорундагы текчедеги анча-мынча идиш-аяк күүгүмдөп көрүнөт* (Байтемиров).

КҮҮГҮМДӨН күүгүмдө этишинин өздүк мамилеси.

КҮҮГҮМДӨТ күүгүмдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮҮГҮМДӨӨ күүгүмдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮҮДҮРӨК *зат.* Тикендүү өсүмдүк, төө тикен. *Жаш падачы.. күүдүрөк теңденип алып, алардын [малдын] артында* (Сасыкбаев).

КҮҮЛДӨ *этиш.* 1. Күү-күү эткен, дуу-дуу эткен дабыш чыгаруу; күрүлдөө. *Көрүк күүлдөп ышкырып, очоктогу көмүрдү үйлөп,.. кыпындарын абага учуруруда* (Бейшеналиев). *Көп узабай чоң карагай күүлдөп барып, бардык салмагы менен жерге согулду* (Жантөшев). *Эл ичи күүлдөй түштү* (Байтемиров). *Шаарды жаңырта күүлдөп замбиректер атылды* (Сасыкбаев).

2. Ачык, шат мүнөздө болуу; дуулдаган кубанычтуу, көңүлдүү абалда болуу. *Баягы киши батырактап өзүнчө күүлдөп сүйлөп, карс-карс күлүп койду* (Таштемиров). *Дойбу ойноп күүлдөп отурушкан уландардын.. эң жашы — Шыгай* (Сасыкбаев).

КҮҮЛДӨӨ күүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮҮЛДӨТ күүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮҮЛӨ *этиш.* 1. Күүгө келтирүү, белгилүү бир күүнү чертүү үчүн ылайыктоо. *Карамолдо комузун колуна алып күүлөөндө эле тым-тырстык өкүм сүрдү* («САЖИ»). *Сүйлөтүп комуз күүлөгөн, Туйгун Током аманбы?* (Тоголок Молдо).

2. Сермөө (мис., канатты), ары-бери кыймылдатуу; кыймылга, аракетке келтирүү; шилтөө. *Канатын күүлөп жаңыдан, Талпынып учкан кекилик* (Токтогул). *[Чарғын] ого бетер шаңдана түшүп, кетменди күүлөп-күүлөп согот* (Сыдыкбеков). *Орусбек канат сермегенсип эки колун эки жакка күүлөп койду* (Сыдыкбеков).

3. Күчөтүү, алга сүрөө, дем берүү, шыкак берүү. *Өчкөн отум үйлөп кет, Төштүк, Кор болгон жаным күүлөп кет, Төштүк* («Эр Төштүк»). *Жылкыга балач барганда, Күүлөп койсо жылкычы, Жылма кырып салбасын!* («Сейтек»).

4. Кээ бир жаныбарлардын ургаачылары тукумдашууну самоо, эркегин эңсөө. *Тоодогу эчки күүлөгөндө теке жүгүрүп келет* (макал).

КҮҮЛӨН *этиш.* 1. Катуу күүгө, кыймылга келүү; инерция боюнча кетүү, жөнөө. *Токтогул жакындаганда жолурдын кай бирлери.. ылдый карай күүлөнө чуркашып,.. асманга көтөрүлүштү* (Аалы). *Күүлөнүп калган тулпарга Канаттуу жетпейт сабалап* (Аалы).

2. Күч алуу, күчөө, күчкө келүү, алга умтулуу. *Күчкө келдик, күүлөндүк, Күчөп толкуп ирлендик* (Каралаев). *Күйүттү тепсеп өлтүргөн, Күүлөнүп турган элсиңер* (Аалы).

3. Опурулуу, күчөнүү. *Анығын, чынын билбесең, Аламан сөзгө күүлөнбө* (Бөкөнбаев).

КҮҮЛӨНТ күүлөн этишинин аркылуу мамилеси.

КҮҮЛӨНҮҮ күүлөн этишинин кыймыл атоочу.

КҮҮЛӨӨ күүлө этишинин кыймыл атоочу.

КҮҮЛӨШ күүлө этишинин кош мамилеси.

КҮҮЛҮҮ *сын.* Кайраттуу, алдан-күчтөн тайбаган (көбүнчө кары адамдар жөнүндө). *Сексен жашка чыкканына карабастан, Беккул абышка али да болсо күүлүү.*

КҮЧ *зат.* 1. Тирүү жандыктардын булчуңдарын кыймылга келтирүү аркылуу аракеттенүү мүмкүнчүлүгү; адамдын (жандыктын) алы, дарманы, кубаты, бир нерсе кылууга, иштөөгө жарамдуулугу. *Алтымышка жаш жетти, Энеңден кайрат, күч кетти* («Кедейкан»). *Адамдар ушул бүткүл тоону оодарып салууга да күчтөрү жетет* (Сасыкбаев). *Мына күчүм — курулушка жумшаймын* (Аалы).

2. Адамдын акыл-ой ишине жөндөмдүүлүгү, шыгы. *Бул кезде күчүн жайып билим кенин Кези экен кадаланып казып жаткан* (Турусбеков). *Акылайга окшобой калабы дейм, Акындык күчүм менин жетпей турат* (Турусбеков).

3. Ишти, жумушту аткаруу жөндөмдүүлүгү; бир нерсенин кыймылынын, жүрүшүнүн, таасиринин деңгээли; кубат, энергия, кайрат. *Эр паровоз күчкө келип, Адыр, кырды аттаган* (Бөкөнбаев). *Желаргыны да жумушка кошсо көп күч кирет* (Убукеев). *Аялдар зор күч экендиги шахтадан дале сезилет* (Сасыкбаев).

4. Укук, укуктуулук, таасирдүүлүк. *Закон өз күчүн жоготту. Акчанын күчү.*

5. Бийлик, кудурет, авторитет, таасир. *Кантейин, жазмыш күчү уруксат бербейт, Заманга иштер элем далайга өлбөй* (Осмонов). *Коллективдин күчү.*

6. Мүмкүнчүлүк, шарт, чама. *Кымбат баалуу тамактарды сатып жешке күчүм жетпейт* (Абдукаримов).

7. Кандайдыр бир ишкердүүлүктүн, күчтүүлүктүн, таасирдин булагы. *Белгисиз күч кирпигимди көтөрүп, Уктатпады, ойкум эске келбеди* (Аалы). *Эл—тарыхты түзүүчү, коомдук прогресстин башкы күчү* («Коммунист»). *Марксизм-ленинизм сынды коомдун кыймылдаткыч күчү деп эсептейт* (Бейшеналиев).

8. Өз ишинде кандайдыр бир мүнөздүү өзгөчөлүктөргө же багытка ээ болгон коомдун бөлүгү. *Революциянын кыймылдаткыч күчтөрү. Тынчтык үчүн күрөшкөн күчтөр.*

9. Аскерлер; кандайдыр бир өндүрүштүк коллективге бириккен адамдар тобу, бирдей кесиптеги адамдар. *Куралдуу күчтөр. Деңиз күчтөрү. Артисттик күчтөр.*

10. Эмгек, кызмат; жардам. *Ичип турат сүтүңдү, Көрүп турат күчүңдү* (Тоголок Молдо). *Заливщиктер [чоюнду].. механизмдин күчү менен ташып жатышат* (Сасыкбаев). *Кээ бир иштерди акчага шылтабай өзүбүздүн күч менен бүтүрүшкө болбойбу?* (Сыдыкбеков).

11. **Өтө көп, күчтүү, кыйын, катуу.** *Кыялы бузук, заары күч, Ал Көкдөөдөн күдөр үз* («Эр Төштүк»). *Мейли, болсун капкараңгы түн айсыз, Мейли, болсун бороону күч ызгаар кыш* (Осмонов).

◆ **Күч алуу** — күчөө, күчөй баштоо, көбөйүү. *Уламдан улам шамал күч алат* (Жантөшев). *Ажардын коркунучу күч алды* (Жантөшев). *Жусупакундун кылыктары жөнүндөгү сөздөр күч ала баштады* (Жантөшев). **Жанына** *же* **башына күч келүү** — өтө кыйналуу, кыйындыкка туш келүү, оордук келүү, аргасыз абалда болуу. *Каргадай жетим Ашымдын Жанына жаман күч келди* (Осмонкул). *Карып жанга күч келди.. Качпаганда нетейин* («Кедейкан»). *Анча эмнеге күч келди экен башына?* (Сыдыкбеков). **Кара күч** — акыл эмгеги менен эмес, кол күчү менен иштөө жөндөмдүүлүгү. *Колу-бутундагы чорлору, кийген кийими анын [Маманазардын] кара күчүнөн башка эч нерсеси жок экендигин көрсөтүп турат* (Жантөшев). **Кол күчү** — кол менен иштелген эмгек, кол эмгеги. *Өлкөбүздө кол күчү азыр жоюлуп, Техниканын бардык күчү жаңырды* (Осмонкул). **Күч унаа** — ишке чегилүүчү унаа (мал). *Кадыркулов он үйөк чөп эмес, бир үйөк чөп күч унааларга, кала берсе, колго караган малдарга канча пайда келтирерин айтты* (Таштемиров). **Күч жумшоо** — иштөө, кызмат кылуу, бир нерсени орундоо үчүн аракет кылуу. *Биздин милдет күч жумшамак аларга, Эсен болсо кырсыктардан денибиз* (Аалы). **Күч келтирүү** — кандайдыр бир нерсеге көбүрөөк таянуу; сарп кылуу; кыйындык келтирүү. *Бугимов папироско күч келтирип, дале ары-бери басып турат* (Сасыкбаев). **Күчүн берүү** *же* **күчүн алуу** — убактылуу пайдалануга берүү, иштетүүгө берүү же алуу. *Азимкан балам, тагыңдын үч күндук күчүн бербедиң* («Кедейкан»). **Күч күйөө** *к.* **күйөө. Кара күчкө** — калп эле, курулай эле. *Карабек кара күчкө Бердини мактаган болуп жүрүп кетти* (Жантөшев). *Динар табыш чыгарып кара күчкө жөтөлдү* (Сыдыкбеков).

КҮЧАЛА *зат.* Топчу формасындагы ак даны бар көп жылдык уулуу өсүмдүк. *Тигил [Сапар] эмне күчала жегендей болуп, тырп этпейт* (Бейшеналиев). *Күчтүү арактан алдырып, Күчү кайтып калат деп, Күчала туурап салдырып*(«Манас»). *Күч кайраты ташыды, Күчаладай ачыды* (Жантөшев).

КҮЧӨ *этиш.* Күч алуу, катуулоо, улам артуу. *Бороон улам күчөйт* (Жантөшев). *От алоолонуп, барган сайын күчөп барат* (Абдукаримов).

КҮЧӨН күчө этишинин өздүк мамилеси.

КҮЧӨӨ күчө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЧӨТ күчө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЧӨТКҮЧ *зат.* 1. *тех.* **Электр күчүн, кубатын күчөтүүчү прибор.** *Лампалык күчөткүч.*

2. *хим. фото.* **Бир нерсени күчөтүү, чыңоо үчүн колдонулуучу зат.**

КҮЧСҮЗ *сын.* 1. **Күчү жок, алсыз, кубатсыз, дармансыз.** *Эски чакта күчсүз болсо бечелдей, Бүгүн күчтүү, эрк нурука*

бөлөнгөн (Аалы). *Жазыксыз долу толкун капшапка алды, Күчсуздөр кандай ага айла кылар* (Турусбеков).

2. Кандайдыр бир иш боюнча начар, билимсиз, жөндөмсүз, мүмкүнчүлүгү жок. *Биздин бабалар тоонун ички сырын ачууга күчсуз болушту* (Сыдыкбеков).

КҮЧТӨ *этиш.* 1. Күчкө салуу. *Ажарга күчтөп нике кыйылды* (Баялинов). *Көзүнө улам-улам дүрбүнү алат, Кыйналат аны бирөө күчтөгөндөй* (Үмөталиев).

2. Күчөтүү, күчтүүлөө. *Тамакты күчтөп ичсе гана айыкчу дарт экен* (Сыдыкбеков).

КҮЧТӨН *этиш.* 1. Күч алуу, күчкө кирүү, кубаттануу. *Колхоз, совхоз күчтөнүп, Жаңы заман түптөлүп* (Бөкөнбаев).

2.. Чымырканууу. *Ичпейм деп айтат күчтөнүп, Үч күнү жүрөт тиштенип* (Шүкүрбеков).

КҮЧТӨӨ күчтө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЧТӨӨНТ күчтөн этишинин аркылуу мамилеси.

КҮЧТҮҮ *сын.* 1. Күчү бар, алдуу, кубаттуу. *Саламаттыгы мыкты, алдуу-күчтүү балдар чоюн эритүүчү цехке которулду* (Сасыкбаев). *Алтымыш жашка чыксам да, Алымды күчтүү сезем* (Бөкөнбаев). *Сенин күчтүү, чордуу баатыр колуңдан Кара зоолор калтырады, кулады* (Аалы).

2. Мүнөзү, эркн туруктуу, бекем, кайраттуу. *Эркн күчтүү адамдар.*

3. Жакшы кыралданган, мыкты, кубаттуу. *Күчтүү армия.*

4. Бийликтүү, кудуреттүү; кубаттуу, таасирдүү, авторитеттүү. *Гүлдүү, күчтүү, теңдеши жок мекеним!* (Аалы). *Заман күчтүү, күч чак келбейт алдына* (Осмонов).

5. Кыйын, оор жумушту орундатууга жөндөмдүү; өндүрүмдүү; зор кубат, энергия бере алган. *Полуна цемент төшөлгөн бөлүмдө күчтүү машинаны тейлеп Фатима олтурат* (Сасыкбаев). *Күчтүү, күлүк от араба Алга карай дыркырайт* (Аалы). *Көк-Жаңгактын көмүрүнүн табы да күчтүү, жалыны да узун* (Сасыкбаев).

6. Кыймылы, деңгээли, күчү боюнча орчундуу, кубаттуу, катуу. *Жарга жетип чыңырды да, Күчтүү шарга ыргыды* (Аалы). *Күчтүү шамал күчөп уруп, Булут качты асманда* (Аалы). [*Кыштын*] *суугу да абдан күчтүү болуп, а дегенде эле катуу кармады* (Убукеев).

7. Маанилүү. *Кызыл желекчелердин мааниси күчтүү, сыймыгы зор* (Сасыкбаев). *Көркөм сөздү ок катары карайбыз, Күчтүү сөздү мыктуу курал санайбыз* (Турусбеков).

8. Катуу чыккан, дабыштуу. *Салтанаттуу чогулуш кызуу алкыш, күчтүү жаңырык менен ачылды* (Сасыкбаев). *Жамгыр нөшөрлөгөн сайын алда кандай күчтүү добуш үйгө кирип келаткансыйт* (Сыдыкбеков).

9. Керектүү нерселерге бай, берекелүү, өндүрүмдүү. *Таластын тоосу бийик, жери тегиз, Таластын жери күчтүү, малы семиз* (Шүкүрбеков). *Үйларыңа күчтүү тоют жем керек, Көп эттенсе кундуз жүнү сеңселет* (Осмонкул).

10. Өз ишин жакшы билген, жакшы аткарган; билимдүү, зээндүү, жөндөмдүү, билгич. *Ал чет тил боюнча күчтүү. Күчтүү кызматкер. Билими күчтүү миңди жыгат* (макал).

11. Көп, чоң, кыйын, бекем. *Эченди көргөн Коңурбай, Айласы күчтүү доңуз ай!* («Манас»). *Бирок коркунуч дагы күчтүү* (Жантөшев). *Хан болгон бул кишиңер — Каары күчтүү, зор бекен?* («Эр Табылды»).

КҮЧТҮҮЛҮК *зат.* 1. Күчү бардык, алдуулук, дармандуулук, кубаттуулук.

2. Кудуреттүүлүк, кубаттуулук, мыктылык. *Байрактагы орок-балка нур жылдыз, Эрк, таалайдын, күчтүүлүктүн элеси* (Аалы).

КҮЧҮ: күчү-күчү *сырд.* Итти, күчүктү чакырууда колдонулат.

КҮЧҮК I *зат.* 1. Иттин жана карышкырдын баласы. *Аскар күчүккө сөөмөйүн кезеди* (Сыдыкбеков). *Грузчиктер бир платформадан жаш күчүктөрдүн кыңшылаган үнүн угушту* (Сасыкбаев).

2. *өт. сүйл.* Баланы эркелетүүдө колдонулуучу сөз. *Экөөңөр тең менин күчүгүмсүңөр* (Үсөнбаев). *Мына бул күчүктүн күлүп турганын карачы* (Абдукаримов).

◆ **Үй күчүк болуу** — үйүнөн чыкпоо, үйүндө эле жүрүү. *Мен үй күчүк болуп мында калышым кандай?* («Ала-Тоо»). **Көкүрөк күчүгү** — эң кичүү, кенже баласы. *Мына бул ортончум, мына бул көкүрөк күчүгүм — кенжем* («Советтик адабият»).

КҮЧҮК II *зат.* Даректардын же өсүмдүктөрдүн бүр ачууга жакындаган мезгилиндеги майда-майда бүртүктөрү. *Байчечекейлер күчүк атты* (Сасыкбаев). *Зейпи укалап жаткан талдын күчүгү эле* (Абдукаримов).

КҮЧҮКТӨ I *этиш.* Күчүк туу, балалоо (канчык жөнүндө).

КҮЧҮКТӨ II *этиш.* Бүрдөө алдында бүртүк байлоо, бүртүктөр пайда болуу. *Талы күчүктөп, токою бүрдөдү* (Сыдыкбеков).

КҮЧҮКТӨӨ күчүктө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЧҮРКӨ *этиш.* Күч келүү, күч алуу, күчүркөнүү.

КҮЧҮРКӨН *этиш.* Күч келип ооруп калуу, күч келип ооруксунуу. *Бир нече күн жол жүрүп Табылдынын буту күчүркөнүп кайрадан шишип күчөй баштады* («Эр Табылды»). *Жанагы капты көтөрө коёмун деп белим күчүркөнө түшпөдүбү.*

КҮЧҮРКӨНҮҮ күчүркөн этишинин кыймыл атоочу.

КҮЧҮРКӨӨ күчүркө этишинин кыймыл атоочу.

КҮЧҮРКӨТ күчүркө этишинин аркылуу мамилеси.

КҮШ: күш-күш *туур.* 1. Абанын катуу кысылып чыккан агымынан пайда болгон дабыш. *Паровоз күш-күш этип барып токтоп калды.*

2. Малды айдоодо колдонулат.

КҮШҮЛДӨ *этиш.* Күш-күш эткен дабыш чыгарып оор дем алуу. *Ар жагында күшүлдөп, Аркандалуу уй жатат* (Турусбеков). *Атазак бай бышылдап-күшүлдөп кирип келди* (Абдукаримов).

КҮШҮЛДӨӨ күшүлдө этишинин кыймыл атоочу.

КҮШҮЛДӨТ күшүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫБА: кыбасы кануу — канааттануу, алымсынуу, ыраазы болуу. *Қыбасы канбайт баатырдын Қыйратпай жоону күч менен* (Аалы). *Элим аман калыптыр,.. Амандыгын уктуруп, Қандырдыңар кыбамды* (Тоголок Молдо).

ҚЫБАЧЫ I *зат.* Билгич, тажрыйбалуу, устат, машыккан киши. *Сапар.. кыбачы сугатчыдан бетер сөөмөйүн суна көзүн жүлжүйттү* (Жантөшев).

ҚЫБАЧЫ II *зат.* Жумшартуу белгиси (реформаланган араб алфавитинде жана баштапкы алынган латин тамгасында).

ҚЫБАЧЫЛ *зат.* 1. Чыккан же сынган сөөктү ордуна сала турган, таңа турган адам.

2. Билгич, тажрыйбалуу, устат. *Алар «сүүнүн тилин билген» кыбачыл адамдар* (Бейшеналиев).

ҚЫБЫЛА *зат.* 1. Мусулмандар бет алып намаз окуучу тарап. *Асан, Турдубай, Пармандар кыбыланы карашып намаз окуп жатышат* (Бөкөнбаев).

2. *сүйл.* Күн батыш тарап. *Қыбыладан жел чыгып, кандайдыр бир жылуулук мемиреди* (Сыдыкбеков).

◆ **Төрт жагы** *же* **төрт тарабы кыбыла болуу** — телегейи тегиз, ниши оң, оюндагыдай болуу. *Атабектин төрт тарабы кыбыла болду* (Жантөшев).

ҚЫБЫЛЖУУ кыбылжы этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫБЫЛЖЫ *этиш.* Қыбырап, эң акырын, жай кыймылдоо, аракет кылуу; жылжып сызылуу (мис., суу). *Демейде кыбылжыган Ышкыналынын аягы эбелектей болуп кетти* (Байтемиров).

ҚЫБЫЛЖЫТ кыбылжы этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫБЫҢ: кыбың-кыбың этүү — көзү уялыңкырагандай абалда болуп, кирпик тез-тез,тиер-тийбес ирмелүү.

ҚЫБЫҢДА *этиш.* Көзү кыбың-кыбың этүү. [*Акматтын*].. *кубанып тургандай кыбыңдаган көзү дайым күлүмсүрөп туруучу* (Элебаев).

ҚЫБЫҢДАТ кыбыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫБЫҢДОО кыбыңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫБЫР I *сын.* Қыймылы, аракети өтө жай, акырын, кибир. *Кербендердин жүрүшү эң эле кыбыр* (Абдукаримов).

ҚЫБЫР II: кыбыр этүү — илээлеп кыймылдоо, аракетке келүү, ыргалуу; араң эле, өтө жай, кибир кыймылдоо. *Бүйрө чачы күнгө тийген булуттай, Толгонушуп кыбыр этет жерге жай* (Аалы).

◆ **Қыбыр эткен** *же* **кыбыраган жан жок** — эч ким жок болуу, эч адам (жан) көрүнбөө. *Короодо кыбыр эткен жан жок* (Жантөшев).

ҚЫБЫРА *этиш.* 1. Өтө жай, илээлеп кыймылдоо (кибир жандыктар жөнүндө). *Жаз келип, карлар эрип жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап курт кыбырап* (Турусбеков).

2. Акырын, жай, майда кыймылдоо; илээлеп жүрүү, басуу; бүлк-бүлк этүү. *Көрүнүп бул кезекте бүлбүл караан, Қыбырап ал бечара басат араң* (Шимеев). [*Бугимовдун*] *жука эриндери кыбырап турат* (Сасыкбаев).

◆ **Қыбырагандын баарын айтуу** *же* **жеткирүү** — майда-түйдөсүнөн бери эч нерсе калтырбай толук айтуу, жеткирүү. *Қыбыраганынын баарын Қычан, Атай— үчөөбүз Тенти агайга.. жеткирип турабыз* (Бейшеналиев).

ҚЫБЫРАТ кыбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫБЫРОО кыбыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫБЫРЛА кыбыра менен бирдей.

ҚЫДЫГЫЙ *сын.* Жапыз бойлуу, кичине бойлуу, кыдык. *Окуучулар көрсөк деп самаган адам анча деле кыдыгый эмес.. адам экен* (Таштемиров).

ҚЫДЫЙ *этиш.* Жапыз, кичине бойлуу болуп көрүнүү.

ҚЫДЫҚ *сын.* Қыдыйган, кичине бойлуу, кидигий, кыдыгый.

ҚЫДЫҢ: кыдың-кыдың этүү — майдалап, тез-тез басуу. *Қыдың-кыдың, торпогум, Қыдыңдаган торпогум* (Тоголок Молдо).

ҚЫДЫҢДА *этиш.* Майдалап, тез-тез басуу, кыдың-кыдың этүү. *Қыдыңдаган көк эшектин үстүндө.. ээн талаа менен кетип барам* (Элебаев).

ҚЫДЫҢДАТ кыдыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫДЫҢДОО кыдыңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫДЫР *этиш.* Улам бир жерге баруу; улам бирине, бирден-бирге өтүү. *Асанбай Барпыны ээрчитип алып жылкычыларды кыдырды* (Байтемиров). *Чайдан кийин бозо куюлган кеселер кыдыра баштады* (Убукеев).

ҚЫДЫРАҚЕЙ кыдырата менен бирдей.

ҚЫДЫРАТА *такт.* Қатары, ирети менен, катарынан. *Адыл ордунан турду да, олтургандарга кыдырата карады* (Сыдыкбеков).

ҚЫДЫРМА *сын.* Қыдырып жүрүүчү; кыдырып бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүүгө ылайыкталган. *Алыскы жайыттагы малчылар үчүн кыдырма дүкөндөр уюштурулган.*

ҚЫДЫРМАЧЫ *зат.* 1. *тар.* Кыдырып соода жүргүзүүчү соодагер.

2. *сүйл.* Қыдырып, соода жүргүзүүчү же кыдырып, көбүнчө таштандыларды

жыйып, майда-барат буюмдар менен соода кылуучу соода кызматкери.

ҚЫДЫРТ кыдыр этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫДЫРУУ кыдыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЖАЛАТ *зат.* 1. Муктаж, зарыл. *Мен бүгүн акчага кыжалат болуп турам.* 2. Ыңгайсыз, эмне кыларын билбеген абал; капа болгондук, тынчсыздангандык. *Айрыкча мен сары санаа ойго түшүп, кыжалат болуп саргайдым* («Ала-Тоо»). *Жалгыз гана Алтынай.. өтө кыжалат болгондой эрдин тиштенип кызара түштү* («Ала-Тоо»). *Атам кечиккен сайын чыдамым кетет, кыжалатым күчөйт* (Касымбеков).

ҚЫЖЫ: кыжы-кыжы *же* **кыжы-кужу** *зат.* 1. Көп киши чогулуп жалпы сүйлөшкөндө чыгуучу ачык эмес, кужулдаган дабыш, үн. *Ар ким өздөрүнчө түркүм сөздөрүн айтышып кыжы-кужу* (Жантөшев). *Сахнадагы чоочун турмуш, кыжы-кужу.. чындап эле* [*Сапар менен Шариптин*] *баштарын оорутчудай кейиптенди* (Бейшеналиев).

2. Чыр-чатак сөздөр, нааразылык, кермур айтыш. *Бүлгы Садык барындагы эл арасында болуучу кыжы-кужу жоюлуп, бир бетке болуп мамырап калбадыбы* (Байтемиров).

◆ **Қыжы-кыйма** — өтө көп, толгон, быкылдаган, жык-жыйма. *Нарядга даярданган шахтёрлор эшикте да, үйдө да кыжы-кыйма* (Сасыкбаев). *Кичинекей станция кыжы-кыйма болуп, опур-топур элге толду* (Сасыкбаев).

ҚЫЖЫЛДА *этиш.* 1. Ачып кетүү, быкылдап ачып кетүү (мис., вино, бозо). [*Кымыздын*] *жыты буруксуп, чаначтын ичинде кыжылдап кайнайт го?* (Байтемиров).

2. Быкылдоо, өтө көп болуу. *Чоң посёлканын.. ортосундагы.. кыжылдаган эл кумурскадай жайнайт* (Сыдыкбеков). *Кыя тарткан жол менен, Кыжылдаган кол менен* («Манас»).

3. Түшүнүксүз башка тилде сүйлөө. *Кырк миң солдат, мен жалгыз, Кыжылдайт, тилин билбедим* (Токтогул).

4. Кыжы-кужу болуу, айтышуу, тартышуу, чырдашуу; дайынсыз көп сүйлөө. *Кыжылдаган үндөрү адамдын кыжырына тиет* (Бектенов).

ҚЫЖЫЛДАТ кыжылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЖЫЛДАШ *этиш.* Бирөө менен кыжы-кужу болуу, айтышуу, тартышуу, чырдашуу. *Жанты менен Саруул ооз учтарынан алик алышып, кыжылдаша берүүдөн тартынышты* («Ала-Тоо»). *Жүр, бастыр, Кыжылдашып турбагын* (Аалы).

ҚЫЖЫМ *зат.* Өң жагында быжык-быжык жумшак түгү болуп, баркытка караганда түгү узунураак жана сейрегирээк келген тукаба. *Кызыл кыжымдан кемсел тиктим* (Каимов).

ҚЫЖЫМЫ кыжым менен бирдей.

ҚЫЖЫН *этиш.* Ызырынуу, ачуулануу, кыжырлануу. *Нурмат кимгедир кыжынып койду* (Жантөшев).

ҚЫЖЫНУУ кыжын этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЖЫҢ: кыжың-кужуң *зат.* Чырчатак, кер-мур айтыш. *Абышкалардын кыжың-кужуң сөздөрүн тыйып,.. Жаркын козголгон маселени кеңири түшүндүрө баштады* (Убукеев).

ҚЫЖЫР *зат.* Ачуу. *Бул укмуштуу окуя Искендердин кыжырын келтирди* (Баялинов). *Кээ бир активдердин кылыктары кыжыр кайнатты* (Сыдыкбеков).

ҚЫЖЫРДАН кыжырлан менен бирдей.

ҚЫЖЫРЛАН *этиш.* Каны кызуу, ачууланууу, жини келүү, туталануу, кыжыры келүү. *Сабийра алда кимге кекенген кишиче бир аз кыжырланып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Жанатан бери кыжырланып отурган Шабырааалы муунгандай болуп калды* (Байтемиров).

ҚЫЖЫРЛАНТ кыжырлан этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЖЫРЛАНУУ кыжырлан этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЗ *зат.* 1. Ата-эненин ургаачы жыныстуу баласы; ургаачы жыныстуу, бойго жете элек же бойго жеткен жаш адам. *Машинада.. бара жаткан инженер.. Лиза аттуу кызын эсине түшүрүп, терең күрсүндү* (Сасыкбаев). *Бүкөнтай, бучук мурун үч жашар кыз* (Осмонов). *Сабак убактысы кандай өткөнүн кыздар сезбей да калды* (Сасыкбаев). *Жигит менен кыздарга жээгинде ойнор көл жакшы* (Жантөшев).

2. Аялдын кайын сиңдисине (күйөөсүнүн карындашына) карата атоо катары колдонуучу сөзү.

◆ **Қыз-қыркын** — ата-эненин же туугандарынын турмушка чыккан же турмушка чыга элек кыздарына айтылуучу жалпы сөз; жалпы эле кыз-келиндер. *Он киши он жердеги сөөк-тамыр, кыз-қыркындарына чабаганчы кетти* (Жантөшев). **Қыз оюн** — кызды күйөөгө бererде же жигит күйөөлөп келгенде кыз менен жигиттер чогулуп, көңүл ачышуучу оюн-тамаша. *Кыз оюндарда Токтогулдун ыры жаштарды өзүнө тартты* (Бөкөнбаев). **Қыз куумай** — белгилүү бир чекке чейин ат минип качкан кызды же колуктусун жигит куун жетүү негизги шарты болгон улуттук оюн. **Қыз теке**. к. **теке. Қара кыз** — нымдуу жерде өсүүчү майда көк гүлдүү өсүмдүк жана анын жабышкак уругу. *Анын эскирген трайке шымынын багалегин кары кыз ширеп, мойнунан тери жылтылдайт* (Сыдыкбеков).

ҚЫЗАЛАК *зат.* Кызды же келинди кемсинтүү маанисинде айтылган сөз. *Кызалак — деп, ат койгон, Қычкачын алып тап койгон* (Тоголок Молдо). *Жетим кызалактын иши болушунча болду, боёсу канды* (Бейшеналиев). *Келин да болсоң, Чачыкей, Кечикпей мага тиесиң, Керсеңдесең, кызалак, Кементай кийип жүрөрсүң.* («Эр Табылды»).

ҚЫЗАЛАҢДА кызаңда менен бирдей (1-маанисинде).

ҚЫЗАМЫҚ *зат.* Денеге майда кызыл бүртүктөр пайда болуп, температура көтөрүлүп, көздүн айланасы, ооздун ичи жана дем алуу жолдору сезгенип ооруй турган балдардын жугуштуу оорусу, кызылча. *Беш жашары солуп жаткан, Алдастатып кызамык* (Аалы).

ҚЫЗАҢДА *этиш.* 1. Каны кызуу, ачуусу келүү, ызалануу, чычалоо. *Сапар кызаңдап тумшугу менен бир тийди* (Бейшеналиев).

2. Кийимдин жыртыгынан же ачык жеринен дене көрүнүп туруу. *Далдалы чыккан көйнөгүнөн кызаңдап эти көрүнүп жүрөт* (Убукеев).

ҚЫЗАҢДАТ кызаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЗАҢДОО кызаңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЗАР *этиш.* 1. Кызыл түскө кирүү, кызыл түскө өтүү, кызыл түс пайда болуу; канталап же кан жүгүрүп чыгуу. *Спираль заматта кадимкисиндей кызарып чыкты* (Бейшеналиев). *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Малиновскийдин болук бети кулагынан бери кызарып чыкты* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Уялган, кысылган абалда болуу. *Мыскал эчтеке айта албай, кызарып кетти* (Сыдыкбеков). *Динар.. бир аз кызарып кошо күлдү* (Сыдыкбеков).

◆ **Көзү кызаруу** — кызыгуу, көңүлү түшүү; абдан эңсөө, чыдамсыздык менен күтүү. *Азыркы.. челекчи Афанас бүйрө адам го. Алма-өрүгүн көрсөк, көзүбүз кызаруучу* (Сыдыкбеков). *Элимден кабар келсе деп, Эки көзүм кызарды* (Токтогул). **Кызарып-татаруу** — абдан ачуусу келгенде же күч келгенде буулуга тартып кызарып кетүү. *Чымырканып бети-башынан бери кызарып-татарганы менен* [*Сапар челекти*].. *жерден үзө албады* (Бейшеналиев).

ҚЫЗАРАҢДА кызыранда менен бирдей.

ҚЫЗАРТ кызар этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЗАРУУ кызар этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЗАРЫҢҚЫ *сын.* Анча көп кызыл эмес, бир аз кызарган, кызгылтымыраак. *Кызарыңкы күн да батты салкындап* (Турусбеков).

ҚЫЗГАЛДАҚ *зат.* Кызыл гүлү апийимдин гүлүнүн формасындай, бирок андан кичирээк келип, тез ачылып, тез эле күбүлүп түшүп калуучу эрте жазда өсө турган өөмдүк. *Таштын түбүндө гүл ачкан жалгыз түп кызгалдак турат* (Жантөшев). *Кызгалдак ачылгандай бир заматта дөбөнүн үстү гүлдөп кетти* (Сыдыкбеков).

ҚЫЗГАЛДАҚТАЙ *сын.* Кызгалдакка окшош, кызыл. *Мына, кечээ эле кызгалдактай жагоо тагынып, мектеп билиминин ширесин таткан жаш Юрий бүгүн учкуч-космонавт, дүйнөлүк баатыр* («Кыргызстан пионери»).

ҚЫЗГАЛДАҚТУУ *сын.* Кызгалдагы бар, кызгалдак көп өскөн. *Кызгалдактуу дөбө.*

ҚЫЗГАН *этиш.* 1. Кыйбоо, бергиси келбей аёо . *Балам үчүн кызганбай, Чачтым эле малымды* (Аалы).

2. Ичи таруу, ичи тардык кылуу. *Капырай ошону эң жакын жолдошум Сабирадан да кызганчу болдум да* («САЖИ»).

ҚЫЗГАНУУ кызган этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЗГАНЧААК *сын.* Ичи тар, аягыч. *Бирөө март, бирөө шайыр, дагы бирөө — Кызганчаак, аялына жүрөгү тар* (Осмонов).

ҚЫЗГАНЫЧ *зат.* Ичи тардык, кызгангандык. *Ичине кызганыч, күнүлөө пайда болду* («Ала-Тоо»).

ҚЫЗГАНЫЧТУУ *сын.* Кызгана турган, аяй турган абалдагы; кызгануу сезимин туудурган.

ҚЫЗГЫЛТ *сын.* Анча кызыл эмес; чымкый кызыл эмес, солгун кызыл. *Калыбек азандан туруп,.. кызгылт жибек пижамасын кийди да, сыртка чыкты* (Шимеев).

ҚЫЗГЫЛТЫМ кызгылт менен бирдей.

ҚЫЗДУУ *сын.* Кыз балалуу, кыз баласы бар. *Шопок кырк экиге чыкканча бир гана кыздуу болду* (Бөкөнбаев).

ҚЫЗМАТ *зат.* 1. Белгилүү өлчөмдөгү акы үчүн акыл эмгегинин же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу болгон айрым тармагында иштелген иш, кесип. *Сени азырынча заводдун көмөк жумуштарын тейлөө кызматына алалык* (Сасыкбаев). *Кызматка жарым саат эрте келип, жарым саат кеч кетем* (Каимов). *Кызмат таап бергин деп, Жалдырап Ашым жабышты* (Осмонкул).

2. Эмгек, жумуш, иш. *Кычкачка кармап зер чапкан, Кызматы менен мал тапкан* (Тоголок Молдо). *Кээде көмүр, кээде чоюн, таш тартат, Жаралгандан оор кызмат аткарат* (Осмонов).

3. Бирөө үчүн иштелген иш, бирөөгө кылган жакшылык, пайда, жардам ж. б. аракет. *Шамбет кызматын көрсөтүп, тигил карыны машинадан түшүрүп койду* (Сыдыкбеков). *Силердин кызматыңарды актоого менин кубатым келет* (Абдукаримов). *Жаштары ары-бери чуркап кызмат кылып жүрүшөт* (Абдукаримов).

◆ **Аскер кызматында болуу** *же* **армияда кызмат кылуу** — белгилүү мөөнөткө чейин аскердик милдетти аткаруу. *Закий аскер кызматынан келип, проходчик болуп иштеп жатат* (Сасыкбаев). *Табылды.. армияда кызмат кылат* (Сыдыкбеков).

ҚЫЗМАТКЕР *зат.* 1. Акыл эмгегинин же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу айрым тармагында иштеген кызматчы, белгилүү бир ишти иштөөчү адам. *Инженер-техник кызматкерлердик.. чогулушу өткөнү жаткан болучу* (Сасыкбаев). *Айыл-чарба кызматкерлеринин эмгектеги зор каармандыгын өзгөчө белгилөө керек* («Советтик Кыр-

гызстан»). *Шамбет жаш кезинен эле колхоздун белдүү кызматкерлеринен болду* (Сыдыкбеков).

2. Бирөөгө малай катарында кызмат кылуучу, бирөөнүн жумушун иштөөчү. *Кийимимди тоздурба, кызматкермин астында* (Токтогул). *Кызматкер болуп биз кетип, Кызык болуп жүрбөйлү* («Олжобай менен Кишимжан»).

3. *өт.* Бирөө жөнүндө кам көрүүчү, ошонун эркин орундап кызмат кылуучу. *Депутат — элдин кызматкери.*

КЫЗМАТТАШ I *сын.* Кызматы бир, иштеш.

КЫЗМАТТАШ II *этиш.* Биргелешип иштешүү, кандайдыр бир иштерди иштөөдө бири-бирине жардамдаш болуу. *Өз ара кызматташкандыктан бул иш ийгиликтүү бүттү.*

КЫЗМАТТАШТЫК *зат.* Өз ара кызматташ болуучулук. *Досчулуктун жана эл аралык кызматташтыктын принциптери СССРдин тышкы саясатынын негизи болуп саналат* («Советтик Кыргызстан»).

КЫЗМАТТАШУУ кызматташ этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗМАТЧЫ *зат.* 1. Акыл эмгегинде же күч эмгегинин кандайдыр бир тейлөө жумуштарына байланыштуу болгон тармагында белгилүү акы алып иштеген киши, кызматкер. *Айганыш — комсомолдун обкомунун кызматчысы* (Байтемиров). *Акмат райондук кызматчы эле* (Жантөшев).

2. Бирөөнүн кол астында малай катары кызмат кылуучу, бирөөнүн жумушун кылуучу киши. *Кызматчысы туруучу, Тамак-ашын кайнатып* (Маликов). *Кызматчы болдун болушка, Кордукту болуш кылган соң* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Бирөө жөнүндө кам көрүп, бирөөнүн эркин аткарган кызматкер.

КЫЗУУ I *сын.* 1. Ысык. *Темирди кызуусунда сок* (макал). *Кызуусунда алдагыны бери тарт, Кыя чапчу кыйын уста оңунда* (Осмонов)

2. Өнүгүп-өрчүгөн, дүркүрөп күчөп турган, суув элек, кызыган (сезим, көңүл, кубулуш, окуя ж. б. жөнүндө). *Жаштыктын кызуусунда, күчүң барда Тартынбай табың үчүн түш майданга* (Элебаев). *Татыбек кызуу уйкуда* (Байтемиров). *Кыз-келин кызуу орокто* (Мидин). *Чогулушта кызуу талкуу башталды* (Каимов).

3. Кызымтал, анча мас эмес. *Ал [Жолбунов] ичип алып кызуу келген экен* (Убукеев).

◆ **Кызуу кандуу** *жө* **каны кызуу** — ачуусу чукул, кыялы чорт, чапчаң мүнөздүү. *Любанын каны кызуу эле* (Аалы). *[Кебек карылын] катын-баласы өлгөндөн бери каны эң эле кызуу болуп кетти* (Байтемиров).

КЫЗУУ II кызы этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗУУЛА *этиш.* Күчөө; улам кызып, күчөгөн абалга келүү. *Кызуулап иштеп жумушту, Чыңалуучу убакты* (Осмонкул). *Кызматка жапырт чыкканда, Кызуулап эмгек кайнады* (Осмонкул).

КЫЗУУЛАН *этиш.* Күчөө, уламдан-улам кызуу. *Бурулча кызууланып сүйлөп баштады* (Баялинов). *Чүкөбай кызуулангган сайын Зууранын өңү сурданды* (Баялинов).

КЫЗУУЛУК *зат.* 1. Кызыгандык; кызып, күчөп кетүүчүлүк; кызуу кандуулук. *Сенин бул кызуулугуң орунсуз* (Жантөшев).

2. Кызымталдык.

КЫЗЫ *этиш.* 1. Ысуу. *[Абылдын] денеси кызып, тердеп да калды* (Касымбеков). *Күн кызып, улуу шашке болгон убак* (Абдыраманов).

2. Күчөө. *Отургандардын сөзү кызыды* (Жантөшев). *Иш кызыды* (Таштемиров). *Заводдо социалисттик мелдеш кызыды* (Сасыкбаев).

3. Делебеси козголуу, кызыгып кетүү, толкундап кетүү. *Белинен кыл комузду сууруп алып, Мендибай кызып кирди күүнү чертип* (Шамшиев). *Суусамырдын коён жатагына чейин белгилүү болгондуктан, анын [Черик мергендин] да сөзгө аралашкысы келип, делебеси кызып отурат* (Байтемиров).

4. Кызымтал болуу, кызымтал абалга келүү. *Кызып калган аял күйөөсүнүн сөзүнө кулак каккан жок, дагы ырдап кирди* (Байтемиров).

◆ **Бүйүр кызуу** *к.* **бүйүр I. Каны кызуу** — ачуусу келүү, кыжыры келүү. *Барган сайын [Кебек карыянын] каны кызып, урушарга киши таппайт* (Байтемиров). *Кээде көрүп отуруп каным кызыйт* (Байтемиров).

КЫЗЫГУУ кызык этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫК I *сын.* 1. Көңүлдү өзүнө тарткыдай, көңүлдү өзүнө тарткан, көңүл көтөрө турган. *Кызык кинону көрүшкөн жумушчулардын көңүлү көтөрүлдү* (Сасыкбаев).

2. Сонун. *Өмүр эмгекке, турмушка байланыштуу болсо гана кызык болот* (Сасыкбаев). *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул).

3. Кызуу. *Элдин бардыгы кызык уйкуга кирди* (Жантөшев). *Мал кызык төлдөп жаткан кез* (Элебаев).

4. Тамаша, көңүл көтөргөн тамаша. *Алар кызыкка батып, мектептин жанында ойноп жүрүшкөн эле* (Сыдыкбеков).

5. Кызыкчылык. *Мырзанын кызыгы үчүн жанды кыйнап, Казатта кармашкан биз, өңчөй жалчы* («САЖИ»).

КЫЗЫК II *этиш.* Көңүл бөлүү, суктануу. *[Сабыр] айланага кызыга карады* (Сыдыкбеков). *Жаш балдар таттыга кызыгып, өз алдынча кужураша баштады* (Каимов).

КЫЗЫКСЫЗ *сын.* Кызыгы жок, кызыга турган эмес, көңүлдү өзүнө бура албаган.

КЫЗЫКСЫН *этиш.* Кызыгуу, кызык кандыгын көрсөтүү. *Эгерде кызыксынсаң кулак салгын, Эрикпей болгондорду айтып берем* (Турусбеков). *Даша «Эми Ашыр кандай окуяларды айтар экен» дегенсип кызыксынды* (Сасыкбаев).

КЫЗЫКСЫНУУ кызыксын этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫКТУУ *сын.* Кызык, кызыктыра турган, көңүлдү өзүнө бурарлык. *Узак жолду кыскартуунун дарысы кызыктуу сөз* (Абдумомунов). *Самсахун.. жомогун өтө кызыктуу кылып айтты* (Жантөшев).

КЫЗЫКТЫР кызык этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЗЫКТЫРУУ кызыктыр этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫКЧЫЛЫК *зат.* 1. Жакшы көргөндүк, ысыктык. *Тууган балаңдан тутунган балаңдын кызыкчылыгы кайта артык болот* (Баялинов).

2. Бирөөнүн пайдасын же белгилүү бир пайданы көздөгөн максат. *Мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн иштеп жатамын* (Сасыкбаев). *Эмгектен качып, өз кызыкчылыгын көздөгөн терс каармандардын кылыктары балдардын кыжырын кайнатты* («Ала-Тоо»).

КЫЗЫЛ *сын.* 1. Кандын ыраңындай түс. *Алдыңкы кызыл желектүү машинадагылар тоону жаңыртып ырдашты* (Сасыкбаев).

2. Революциялык кыймылга тийиштүү, совет өкмөтүнө, советтик түзүлүшкө байланыштуу адамдар (көбүнчө көптүк санда). *Кызылдар да карап турбай,.. душмандын мизин кайтарууга чамдашты* (Сасыкбаев).

3. Көбүнчө көгүш түстөгү, ак түс аралаш жылкыга карата айтылат. *Бир күнү куландан соо кетип баратып,.. кызыл ат шылк этип кулап түштү* (Элебаев).

4. *өт.* Эт. *Кайда чыкса кызылга, Кайкып учуп сабалап, Кайран жору конуптур* (Каралаев).

5. *өт.* Бастырылып, бөлүнүп алынган эгин, таза дан. *Кырмандын ортосундагы кызылдын жанында Эркин отурат* (Жантөшев). *Жутабай карыя.. кызылдарды желге сапырууда* (Баялинов).

◆ **Кызыл-тазыл** — кызыл аралаш ар түрдүү түс. *Кызыл-тазыл кийинип, Кыздар үкү сайынган* («Курманбек»). **Кызыл чийкил** — кызылдуу агыш (өң, түс жөнүндө). [*Алексеевдин*] *купкуу өңү кызыл чийкилге айланган* (Жантөшев). **Кызыл жаян** *к.* **жаян II. Кызыл Армия** — Советтик Армиянын 1918-жылдан 1946-жылга чейинки аты. **Кызыл гвардия** *к.* **гвардия. Кызыл аскер** *к.* **аскер. Кызыл үй** *же* **кызыл бурч** — маданий-агартуу иштери үчүн бөлүнгөн үй же бөлмө. *Көчмө кызыл үйү бар* (Үсөнбаев). *Кызыл бурчтарда агитаторлордун дежурствосу коюлган* («Коммунист»). **Кызыл такта**—бетине иштин алдынкылары, жакшы иштегендер белгиленүүчү кызыл түскө боёлгон, көрүнөө жерде турууучу такта. *Райондо, областта, союзда Кызыл такта кызматыңды жаздыбы* (Нуркамал). **Кызыл кулак** — алып сатар, перселерди өз пайдасы үчүн ашык баада сатуучу. *Кызыл кулак, сүткорго Пайда чыгар мал жакшы* (Жантөшев). **Кызыл чок** *к.* **чок II. Кызыл ашык** *к.* **ашык II. Кызыл жүгүрүк** *к.* **жүгүрүк. Кызыл май болуу** *к.* **май I. Кызыл камчы** *к.* **камчы. Кызыл чеке болуу** *к.* **чеке. Кызыл кекиртек** *к.* **кекиртек. Бетинде кызылы бар** — уяттуу. **Кызыл кереге кылуу** *к.* **кереге. Кызыл болуу** — кызыгуу, эңсөө. **Кызыл кырман** *к.* **кырман.**

КЫЗЫЛГАТ *зат.* Кычкыл таттуу майда кызыл жемиши бар өсүмдүк.

КЫЗЫЛДА *этиш.* Эгинди бастырып, данын тазалап бөлүү. *Колхозчулар буудайды кызылдап жатышкан.*

КЫЗЫЛДАЙ *сын.* Абдан, аябай. *Ушундай да эр болобу, жыйырма-отуздай киши кызылдай сабап жатса, башы-көзүн жашырып да койгон жок* (Токтогул).

КЫЗЫЛДОО кызылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫЛДУУ *сын.* Кызыл жүздүү, кызылы бар. [*Жакып*] *сейрек кара мурут, кызылдуу киши* (Бейшеналиев).

КЫЗЫЛЧА I *зат.* Жашылча, тоют катары колдонулуучу же кант чыгаруу максатында иштетилүүчү техникалык өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн кызыл, ак түстөгү тамыры, түбү. *Кызылча казуу кызуу жүрөө баштаган учур* («Ала-Тоо») *Кызылчаны көп алып, Эмегиң менен шаттандың* (Үмөталиев). *Алтын пахта, кант кызылча айдалган* (Калык).

КЫЗЫЛЧА II *зат.* Кызамык, кызамык оорусу. *Бийлы жазга жуук айылды кызылча каптап, жыйырма бир баланы алып кетти* (Жантөшев).

КЫЗЫЛЧАЧЫ *зат.* Кызылча багып өстүрүүчү. *Ар бир кызылчачы адилет иштеген демилгечи болсо, колхозубуз жеңишке ээ болору талашсыз* (Жантөшев). *Кызуулап кыган жумушту Кызылчачы Зууракан* (Осмонкул).

КЫЗЫЛЧАЧЫЛЫК *зат.* Кызылча өстүрүүчүлүк. [*Райондо*] *кызылчачылык талаачылыктын алдынкы тармагы болуп саналат* («Коммунист»).

КЫЗЫМТАЛ *сын.* Чала мас, кызуу. *Отургандар дурус эле кызымтал болуп, тилдери чалына баштаган кезде бай.. чөнтөгүнөн төрт барак кагазды алып чыкты* (Абдукаримов).

КЫЗЫРАҢДА *этиш.* Кызаңдоо, ызаланып ачуусу келүү. *Тамаша иретинде бири-биринин кычыгына тийип, кызыраңдап алышчу* (Сасыкбаев).

КЫЗЫРАҢДОО кызыранда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫРКАН *этиш.* Кыжырдануу, жини келүү, туталануу. *Тоотору тулпар ат минип,.. Кызырканып эр Кыяз Мыктап кирип барды эле* («Сейтек»). [*Сейтек*] *Жай-жарагын шайланды, Кызырканып кыраан уул Кыны жок кылыч байланды* («Сейтек»).

КЫЗЫРКАНУУ кызыркан этишинин кыймыл атоочу.

КЫЗЫТ кызы этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙ I *этиш.* 1. Кандайдыр бир курал менен кесе чабуу, чаап кесүү; кесип жыгуу (мис., теректи). *Байлалуу турган аттардын, Чылбырын кыя чапты эми*

(«Эр Табылды»). *Эсиң болсо тыңдагын, Эмилден таяк кыяйын* («Мендирман»). [*Мусабек*] *тирөөч үчүн арча кыйып, аны өгүздөргө артып, кыйналчу күндөрүн жомокточу* (Сасыкбаев).

2. Тууралап, ылайыктап эп келтирүү, эп келтирип жасоо. *Мына Күлүкан менен Макеш өз дооруна эп кыйып койгондой жарашыктуу* («Советтик адабият»). *Канжар кулак каз моюн, Чебер уста кыйгандай* (Аалы).

КЫЙ II *этиш.* Кандайдыр бир нерседен кечүү, аябоо, ыраа көрүү, берүү. *Гүлайды эч кимге кыйгысы келген жок* («Советтик адабият»). *Үймөлөгөн буудайды Бизге кыйып салыңыз* («Манас»).

◆ **Жанын кыюу** — жанынан кечүү, аябоо; өлүмгө баруу, өлүү; өлтүрүү. *Көпчүлүк үчүн жан кыйган, Көргүлө мындай баатырды* (Осмонкул). *Сайышка самап ким чыкса, Жалмап жанын кыям деп* («Манас»). **Көзү кыйбоо** — ыраа көрбөө, бергиси келбөө, колдон чыгаргысы келбөө. *Же боругуңду көзүң кыйбайбы?* (Сыдыкбеков). **Көңүлүн же кадырын кыйбоо** — капа кылгысы келбөө, көңүлүнө кароо, кадырын сактоо. [*Аныйпа*].. *чарчап келе жатса да, Мукай менен Сабырдын көңүлүн кыйбай токтоп турду* (Таштемиров).

КЫЙБАТ *сүйл.* Кымбат.

КЫЙГА *этиш.* Кыя өтүү, кыйгач өтүү. *Кыйгап өтүү. Кыйгап аккан суу.*

КЫЙГАК *зат.* 1. Узун ичке жалбырактуу болуп, жалбырагын төмөн карай сыдырса колду тилип кетүүчү чөп өсүмдүгү. *Шарип бир тал болгон кыйгак чөптү жулуп алды* (Бейшеналиев).

2. Эки миздүү, кырдуу найзанын учу.

◆ **Кыйгак болуу** — жукаруу, жешилүү. *Кышында карды тептирип, Кыйгак болду туягым* (Тоголок Молдо).

КЫЙГАКТУУ *сын.* 1. Кыйгак чөбү бар, кыйгак чөп өскөн (мис., жер).

2. Эки миздүү, кырдуу; өткүр, курч. *Кыраан Сыргак ачынып, Кыйгактуу найза жапырып, Кырдан чыкты ачкырып* («Манас»).

КЫЙГАС *такт.* Дал, так; тегиз. *Менин билишимче, [балдар].. кыйгас кымыздын үстүндө* (Таштемиров). *Калың эл толкун болсо эч кым тыйбас, кез экен нааразылык толгон-кыйгас* (Аалы). *Эгиниңердин баары да кыйгас бышты* (Баялинов).

КЫЙГАЧ I *сын.* Кыйшык, түз эмес, бир жакка оогон. *Кээсинин оозунда кыйгач тиштелген папирос* («Ала-Тоо»). *Кыр мурундуу, кызыл көз, Кыйгач каштуу, заар сөз* («Манас»).

КЫЙГАЧ II кыйгас менен бирдей.

КЫЙГАЧТА *этиш.* 1. Түз эмес, кыйгач басуу, жүрүү; бир жагына кыйшаюу, кыйгач абалда болуу. *Кыйгачтап качкан көркоону Кысып жутсун жарларым* (Маликов). *Алтынчы Шахтадагы лебедка мунаралардын көлөкөлөрү күн чыгышты көздөй кыйгачтап калган* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Сыртын салуу, алыстоо, тескериленүү, жактырбоо. *Демейде кыйгачтаган Ира Шариптин жанына келди* (Бейшеналиев).

КЫЙГАЧТАН кыйгачта этишинин өздүк мамилеси.

КЫЙГАЧТАТ кыйгачта этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙГАЧТОО кыйгачта этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙГОО кыйга этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙГЫЛ *сын.* Кычкыл. *Кымыз деген кыйгыл аш* («Манас»). *Кымыз ичпес Элеман, Кыйгыл сууга зар болуп* («Эр Төштүк»).

КЫЙДЫ *сын.* Кексе, куу, митаам, айлакер. *Кыйдыга азаматым ишенбегин, Канчалык турса дагы сени жайкап* (Маликов).

КЫЙДЫЛЫК *зат.* Кекселик, митаамдык, айлакердик. *Кыйдылыгы.. жагынан бир кишичелик бар* (Сасыкбаев).

КЫЙДЫЛАН *этиш.* Кыйдылык менен аракет кылуу, митаамдануу. *Мен кыйдыланып,.. суроо бердим.*

КЫЙДЫЛАНУУ кыйдылан этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙДЫР кый этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙК *туур.* Тамак кысылганда же айрым суу куштары тарабынан чыгарылуучу көп катуу эмес, назик кыска дабыш.

КЫЙКАЙ *этиш.* Өтө арык болуу. *Ургаачынын ыргайдай кыйкайганы деле жакшы эмес* (Бейшеналиев).

КЫЙКАҢ: кыйкаң-кыйкаң этүү —кыйкаңдоо.

КЫЙКАҢДА *этиш.* Илмеңдеген кыймылда, көрүнүштө болуу (арык, начар дене жөнүндө).

КЫЙКАҢДОО кыйкаңда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙКАС кыйгас менен бирдей.

КЫЙКУУ *туур.* 1. Кээ бир канаттуулардын (мис., каркыра) чыгарган үнүн, добушун билдирген сөз; ошол сыяктуу чыккан уу-чуу. *Келгин куштар кыйкуу сапат таңыркап* (Аалы).

2. *өт.* Чуу; чатак. *Турнадан башчы койсоң, Кыйкуу кетпейт башыңдан* (макал).

КЫЙКУУЛА *этиш.* 1. Кыйкуу салуу. 2. Кыйкырып канаттууларды үркүтүү, ууруп жиберүү үчүн кыйкыруу.

КЫЙКУУЛОО кыйкуула этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙКЫЛДА *этиш.* Кыйк-чыйк эткен дабыш чыгаруу (мис., тамак кысылганда). *Жөтөл кетпейт кыйкылдап, Өңгөчүң тынбай чыйкылдап* (Шүкүрбеков).

КЫЙКЫЛДАТ кыйкылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙКЫМ *зат.* 1. Кесинди, өөн, кыйык (кездеменин, булгаарынын, кагаздын ж. б.).

2. *өт.* Кемчилик, шылтоо. *Начальник карамагындагы кызматчыны жактырбасы келбесе, андан кыйкым таппай койбойт* (Каимов).

◆ **Кылдан кыйкым табуу** *к.* **кыл. I.**

КЫЙКЫМДА *этиш.* 1. Кесинди, өөндөрдү талдоо.

2. *өт.* Кемчилик, шылтоо издөө, шылтоо табуу.

КЫЙКЫМДОО кыйкымда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙКЫМДУУ *сын.* 1. Кесиндиси көп, өөндүү.

2. *өт.* Кыйкымы бар, жок жерден шылтоо кылган, чатагы, кемтиги бар. *Сөзүнүн жыты куйкумдуу, Сөкпөсө да кыйкымдуу* («Ала-Тоо»).

КЫЙКЫМЧЫЛ *сын.* Биреөнүн артынан кемчилик, кыйкым издеген; болор болбоско тийишип, шылтоо издеген (кишиге карата). *Кыйкымчыл киши.*

КЫЙКЫР *этиш.* Катуу үн чыгаруу, бакыруу. *Ашыр.. анда-санда.. кыйкырып коюп келе жатат эле* (Сасыкбаев). *Жапек үнүн аскерлердин бардыгына жеткирүү үчүн кыйкыра сүйлөдү* (Жантөшев).

КЫЙКЫРТ кыйкыр этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙКЫРУУ кыйкыр этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙКЫРЧААК *сын.* Көп кыйкыруучу, кыйкыра берүүчү.

КЫЙКЫРЫК *зат.* Катуу чыккан үн, добуш; бакырык , өкүрүк. *Баш аламан качкан эл Турдубектин кыйкырыгынан улам токтой калышты* (Жантөшев). *Биздин аңгемебизди паровоздун кыйкырыгы бөлдү* (Сасыкбаев). *Алыстан.. короздордун кыйкырыгы угулат* (Шүкүрбеков).

КЫЙКЫРЫШ кыйкыр этишинин кош мамилеси.

КЫЙЛА *такт.* Далай, бир топ, көп. *Түндүн кыйла мезгили болуп калган экен* (Сасыкбаев). *Самтыркандын артынан кыйла шылдың сөздөр айтышты* (Байтемиров).

◆ **Бир кыйла** — далай, бир топ. *Умсунай эне.. уулун ээрчип бир кыйла жерге чейин барды* (Сасыкбаев). *Быйылкы жылы.. айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү бир кыйла көбөйтүүгө.. тийишпиз* («Советтик Кыргызстан»).

КЫЙЛАН кыйнал менен бирдей.

КЫЙМА I *зат.* Туюк шишип чыгуучу жара, шишик. *Колуна кыйма чыгыптыр.*

КЫЙМА II *сын.* Кыйылган, кыйылып жасалган, кыйылгандай. *Кара чепкен, кыйма тон, Кийген Током келген бейм?* (Токтогул). *Кылычың боосу кыйма боз* (Тоголок Молдо).

◆ **Кыйма-чийме** — ийме-чийме, арыбери кесип өтүшкөн; чатышкан. *Жол бою аркы-терки, кыйма-чийме, Уюгун кумурсканын ойго салат* (Шүкүрбеков). **Кыл кыйма** — 1) өтө курч; 2) аялдар «каман» маанисинде тергеген сөз.

КЫЙМАЛА *этиш.* Өтө майда кылып тууроо, тилке-тилке кылып кесүү, кескилөө. *Топурагын алдырдым, Чоң челекке чалдырдым, Уй, эчки жүнүн кыймалап, Ал баткакка салдырдым* («Манас»).

КЫЙМАЛОО кыймала этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙМЫЛ *зат.* 1. Кандайдыр бир ишти иштөө максатында кылынган аракет, аракет болуп турган абал. *Колхозчулардын бүгүнкү кыймылы дегеле жандуу* (Каимов). *Курт-кумурска да чөлдөн чыгып кыймылга келди* (Убукеев). *Моторлорго от берилип, дөңгөлөктөр кыймылга келди* (Убукеев). *Таңкы зарядка ойногон кара тоголок жаш балдардын кыймылы Айшага абдан жакты* (Абдумомунов).

2. Белгилүү бир максатты көздөгөн коомдук иш, аракет. *Андрейдин келиши менен революциячыл иш, кыймыл жандана түшкөндөй болду* (Сасыкбаев). *Ташкент пролетарлары.. ..жазалоочу экспедициянын революциячыл кыймылды.. биротоло басып ташташына мүмкүндүк бербеди* (Абдукаримов).

КЫЙМЫЛДА *этиш.* Кыймылга келүү, аракетке келүү, козголуу, аракеттенүү, иштөө. *Берди сүйлөшмөк тургай, кыймылдаган жок* (Жантөшев). *Дмитрийдин эриндери кыймылдап,.. сакалы майда-майда дирилдейт* (Сыдыкбеков). *Грузчиктер тыкан, шамдагай кыймылдап жатышат* (Сасыкбаев).

КЫЙМЫЛДАТ кыймылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЙМЫЛДАТКЫЧ *зат.* 1. Энергиянын кандайдыр бир түрүн механикалык энергияга (күч, кыймыл энергиясына) айландыруучу машина; бир нерсени кыймылдатуучу, кыймылга, аракетке келтирүүчү машина. *Тормоздук кыймылдаткыч жасалгасы ишке киргизилди* («Советтик Кыргызстан»).

2. Кыймылга, аракетке келтирүүчү. *Марксизм-ленинизм сыңды коомдун кыймылдаткыч күчү деп эсептейт* (Бейшеналиев).

КЫЙМЫЛДОО кыймылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЙМЫЛДУУ *сын.* Кыймылга бай; аракеттүү, жандуу. *«Кызыл-Туу» колхозунун кыштагы күндүзгүдөн кыймылдуу* (Байтемиров). *Булабаев мурдагыдан да тыкан, кыймылдуу болуп калды* (Сасыкбаев).

КЫЙМЫЛСЫЗ *сын.* Кыймылы жок, аракетсиз, тынч, бир калыпта. *Ал [Алым] терең ойго баткандай кыймылсыз жатты* (Байтемиров).

КЫЙНА *этиш.* 1. Уруп, сабап этин, денесин оорутуу; соккуга алуу. *Кыйнасын, эттеримди кескилесин, Өлүмгө башым байлайм, түк айтпаймын* (Шимеев).

2. Кыйын, оор абалга туш келтирүү; азапка салуу, катуу жапа чектирүү, кысмакка алуу. *Кара ооматка жандарын кыйнагандар аманбы?* (Токтогул). *Эзгим келет кара ташты жаш менен, Сен кыйнаган жүрөгүмө чыдабай* (Аалы). *Кедейлерди «кой тап» — деп, Кыйнагандан болбогун* (Токтогул).

3. Тынчын алуу, тынчтык бербөө; кыстоо, кысмакка алуу. *Мени кыйнаган маселенин бири—кой* (Жантөшев). *Балдары сүт деп ыйлады, Энесин болбой кыйнады* (Тоголок Молдо).

ҚЫЙНАЛ кыйна этишинин туюк мамилеси.

ҚЫЙНОО кыйна этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙПЫ *зат.* Кыйдылык. *Бул адамдын сыйкысы, Сөзүндө көп кыйпысы* (Тоголок Молдо).

ҚЫЙПЫЙ *этиш.* Кууш, ичке көрүнүү (көз жөнүндө).

ҚЫЙПЫЛДА кыйпычыкта менен бирдей.

ҚЫЙПЫЛЫҚТА кыйпычыкта менен бирдей.

ҚЫЙПЫЧЫҚТА *этиш.* Чыдамсызданып тынчы кетүү, тынчсызданып бир жерге тура албоо, чебеленүү. [*Шарип Сапардын*] *тыяк-былгына чыгып, кыйпычыктап, көп нерселерди уккусу келди* (Бейшеналиев). *Канай нары-бери кыйпычыктап басып туруп,.. Искендердин эсеп китебин меники деп талаша кетти* (Таштемиров).

ҚЫЙПЫЧЫҚТОО кыйпычыкта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙРА *этиш.* 1. Сынуу, талкалануу. *Соотко тийген найзасы Сексен бөлөк кыйрады* («Манас»). *Кээде тирөөч сынып, вагонеткалар кыйраган күндөр.. болгон* (Сасыкбаев).

2. Бүлүнүү; бузулуу, кулап түшүү, жок болуу. *Кыйраганды сонун кылып тургузуп, Жаңы гигант жасап кирдик жомоктой* (Аалы). *Немецтердин бир штабы кыйрады* (Үмөталиев).

ҚЫЙРАЙ *этиш.* Бир жагына ооп, Кыйшайып калуу. *Тѳгил жаман кара үйдүн каалгасы бир жагына кыйрайып турат.*

ҚЫЙРАҢДА *этиш.* Бир жагына ооп кыймылдоо, басуу. *Керим кыйраңдап, жамбашына күч келтире басып бара жатат.*

ҚЫЙРАҢДАТ кыйраңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЙРАҢДОО кыйраңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙРАТ кыйра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЙРАТҚЫЧ *сын.* 1. Кыйратуучу, бузуучу, талкалоочу.

2. Катуу сокку берүүчү, жок кылуучу. *Жети жылдык — капитализмдин дүйнөсүнө урулган жаңы кыйраткыч сокку* («Коммунист»).

ҚЫЙРАЮУ кыйрай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙРОО кыйра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙРЫ I кыйыр менен бирдей.

ҚЫЙРЫ II *зат.* Учуру, мезгили, убагы. *Кыйрында калың жоолордун Кыйынын атаң чапчу эле* (Маликов).

ҚЫЙТ I: кыйт этүү, кыйт дей түшүү — таарынуу, ызалануу, капа боло калуу. *Кичине кыз, калыбы, кыйт дей түштүң го, ээ* (Маликов).

ҚЫЙТ II: айт дегенде кыйт койгон — өтө чукул аракет кылган, токтому жок; чууга, чатакка жакын. *Айт дегенде кыйт койгон Чорону кудай урабы* («Эр Төштүк»). *Айт дегенде кыйт деген Эсенкандын эли эмес* («Манас»).

ҚЫЙТУУ *сырд.* Бүркүттү чакырууда колдонулуучу сөз.

ҚЫЙТУУЛА *этиш.* «Кыйтуу-кыйтуу» деген үн чыгарып, бүркүттү чакыруу.

ҚЫЙТУУЛОО кыйтуула этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙТЫЙ *этиш.* 1. Тымызын, билгизбей алдыртадан байкоо, аракет кылуу. [*Чал*] *келинди жашсынтты, теңине албагансып, кыйтыйып сакалынын чаташын чыгарып, айрысын таянып бир аз карап турду* (Убукеев).

2. Капа боло түшүү. *Алда.. кемпир ай, кыйт эте электе кыйтыйып, таарынып калмай адатың бар* (Турсунов).

ҚЫЙТЫҢДА *этиш.* Майдалап басуу. *Жалгыз аяк жолдо чубата баскан койлордун кээси кыйтыңдап жорголоп баратса, Динар алардан көзүн албай кубана карайт* (Сыдыкбеков).

ҚЫЙТЫҢДОО кыйтыңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙТЫЮУ кыйтый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙЧ *туур.* Эшик, терезе ачылганда же оор нерсени ордунан жылдырганда сүрүлүүдөн чыккан дабышты билдирүүдө колдонулат. *Эшик кыйч этип ачылды* (Абдукаримов). [*Батыш*] *түн ичинде эшик кыйч этсе селт этип тура калат* (Байтемиров).

ҚЫЙЧАЛЫШ *сын.* Кыйгач, түз эмес. *Кыбыраган түк жан жок, Кыйчалыш өтүп кеттиби* («САЖИ»).

ҚЫЙЧАЛЫШТА *этиш.* 1. Кыйгач-тоо, түз абалда болбоо. *Кыйчалыштап жол басып, Кыз күйөөдөн жат болду* (Осмонкул).

2. *өт.* Оңунан чыкпоо, ойдогудай болбоо. *Ишим кыйчалыштап турат.*

ҚЫЙЧАЛЫШТУУ *сын.* Кыйчалышы бар, түз эмес.

ҚЫЙЧЫЛДА *этиш.* Кыйч эткен дабыш чыгаруу. *Эски каалга ачкан сайын кыйчылдайт.*

ҚЫЙЧЫЛДАТ кыйчылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЙЧЫЛДОО кыйчылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙШАЙ *этиш.* Бир жагына ооп баштоо, жантаюу. *Мамбеткул супанын үстүнө кыйшайып жатты* (Каимов). *Түш кыйшая бергенде базарчылардын алды тарай баштады* (Жантөшев).

ҚЫЙШАЙТ кыйшай этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЙШАҚТА *этиш.* 1. Токтоо эмес, жеңил мүнөз көрсөтүү, кыйшаңдоо. *Тентек кыйшактаганын коюп, кадимки токтоо кишидей козголбой калды* (Сыдыкбеков).

2. Бир нерсени иштегиси келбей жалкоолонуу, качуу. *«Жеңилдеп эле салалычы! — деп Мерген кыйшактаса, Адыл ага көнбөй шаштыра берет* (Сыдыкбеков).

ҚЫЙШАҚТОО кыйшакта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙШАҢ *зат.* Жалкоо, тил албас, тежик. *Көмүрчүнүн атындай, Қыйшаң болгон кезегим* (Токтогул). *Қыйык, жалкоо, қыйшаңды Элден куун ант бердик* (Калык).

ҚЫЙШАҢДА *этиш.* 1. Токтоно албоо, кыйшактоо. *Тегеренип қыйшактап, Токтоно албай шыңкылдап* (Маликов).

2. Кандайдыр бир иштен качуу, четтөө, жалтактоо, жалкоолонуу. *Туура жүрбөй қыйшаңдап, Туугандан алыс чет болот* (Токтогул). *Қыйшаңдаса қыпчактын, Жазасын мыктап берем деп* («Олжобай менен Кишимжан»).

ҚЫЙШАҢДАТ кыйшаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЙШАҢДОО кыйшаңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙШАЮУ кыйшай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙШАЮУСУЗ *сын.* Тайбай, түз, тайманбай. *Биз.. [Лениндин] осуятын кыйшаюусуз орундатышыбыз керек* (Сасыкбаев).

ҚЫЙШЫҚ *сын.* 1. Түз эмес, нйри, бир жагына оодук, бир жагына жантык. *Ээрде бир аз кыйшык олтурып камчыны солгун таштайт* (Сыдыкбеков). *Ошол төөлөр ичинде, Қыбыланы баштанган Қыйшык өркөч кызыл нар* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Туура эмес, ката. *Сабыр — директор. Биздин балдардын кыйшыгын тез көрөт* (Сыдыкбеков).

ҚЫЙШЫН *зат.* Қандайдыр бир нерсенин, ишгин ыгы, ыңгайы, оңу. *Сөз кыйшыны келбегендиктен Муслимахун да унчукпады* (Жантөшев).

ҚЫЙЫ *этиш.* Бир нерсени экинчи бир нерсеге кынап эп келтирүү. *Капкара таш кирпичтен кыйып жасалган бул аянт лак менен боёгондой* (Байтемиров).

ҚЫЙЫҚ I *зат.* 1. Нерсенин (мис., кездеменин) кесиндиси. *Ажар болотнайдын кыйыгын мындай таштап койду.*

2. Эки кесиндинин бириктирилген жери; сөздүн, иштин ыгы, эби, ыңгайы. *Қыйыктарды бири-бирине эп келтирип курак курай баштады. Сөздүн кыйыгын келтирип айтты.*

3. Эпостордо: жамбыны байлоочу жип. *Қыйык байлап аттырып, Суутуп кулун чаптырып* («Саринжи—Бөкөй»).

ҚЫЙЫҚ II *сын.* Тил албас, кежир. *Қызыктырып қыйыкты, Қыйын жерге жибербе* (Токтогул). *Қыйык, жалкоо, қыйшаңды Элден куун ант бердик* (Калык).

◆ **Қыйыгына тийүү** — жинине тийүү, ачуусун келтирүү. **Қыйыгына калуу** — каарына калуу, жемеге калуу.

ҚЫЙЫҚТА *этиш.* Қыйкымдоо, кыйкым табуу, кыйкымдап күнөөлөө. *Болорболбос ишке такап Адыльды қыйыктай баштады.*

ҚЫЙЫҚТАН *этиш.* Тил албоо, моюн сунбоо, макул болбоо, кежирленүү. *Қызмат десе көп үчүн, Қыйыктанбай барабыз* (Осмонкул). *Мукаш қыйыктанып жаткан Абдыласка чечкиндүү айтты* («Жаш ленинчи»).

ҚЫЙЫҚТАНУУ кыйыктан этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙЫҚТОО кыйыкта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙЫЛ I кый II этишинин туюк мамилеси.

ҚЫЙЫЛ II *этиш.* Тарткынчыктоо, көңүлсүнбөө. *Мурат ыр чыныны Күлжанга сунду; Күлжан «албайын» деп қыйылды, бирок эл жаалап кеткен соң албаска болбоду* (Байтемиров).

ҚЫЙЫЛУУ кыйыл II этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙЫН *сын.* 1. Оор, татаал. *Қыйын иш бүтпөйт ойлосоң, Жалгыз-жарым аз менен* (Токтогул).

2. Мыкты. *Қырк чоронун кымбаты, Қыйын Чубак дагы өлгөн* («Манас»).

ҚЫЙЫНДЫҚ *зат.* 1. Оордук, татаал иш, кыйын иш, кыйынчылык. *Қыйындык келсе чыдоого Қызматың үчүн жаралган* (Бөкөнбаев). *Күрөш десе билек түрүп качырган, Қыйындыкты жеңмейинче асылган* (Турусбеков).

2. Қыйын экендик, мыктылык. *Деле мунун қыйындыгын кантесиң.*

ҚЫЙЫНСЫ кыйынсын менен бирдей.

ҚЫЙЫНСЫН *этиш.* Мыктысынуу, баатырсынуу, өзүн мыкты көрсөтүүгө тырышуу. *Қыйынсынган Мурадыл Қырданып кетип калганы* («Манас»). *Қыйынсынып қыйкырып, Қырданганың дуруспу* (Осмонкул).

ҚЫЙЫНСЫНУУ кыйынсын этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЙЫНЧЫЛЫҚ *зат.* Оорчулук, кыйын иш, оор абал. *Ишенбе көп куру сөзгө, Достук сыналат қыйынчылык кезде* (Борбугулов).

ҚЫЙЫР *зат.* 1. Чек, чет; баш-аягы, бүткөн жери, бир четн менен бир четн. *Мына чыгыш сахнасын ачкандай, Қыйыры чексиз, кирсиз асман шаңкайды* (Аалы).

2. Мындайыраак, алысыраак, жакын эмес. *Айткулунун қыйыр туугану Козубек да бар* (Баялинов). *Мендирман менен Кадыр да Қыйыр туган баласы* («Мендирман»).

3. Тике эмес, түз эмес, туура эмес. *Қыйыр айтсаң көкустан, Каргадай башың кесебиз* («Эр Табылды»). *Қыздын жүйөлүү жообун [Шарип] қыйыр сезген* (Бейшеналиев).

4. Имерилиш, чет. *Қыйыр-қыйыр жер менен Қылчайбай, турбай жол жүрдү* («Манас»).

◆ **Қыйрысынан ургандай** — бир четинен кыйрагандай, таптакыр талкаланган-дай, кыйылгандай, кыя чапкандай. *Жеке гана чыгырканагы эмес башка жыгачтары да қыйрысынан ургандай қыйылып жатат* («Чалкан»). **Учу-қыйры** — башаягы, айланасы, бир четн менен бир четн. *Учу-қыйры кең мекен, Алдейлеген энем сен* (Үмөталиев).

ҚЫЙЫТ *этиш.* Жандатуу, бир нерсенин четин чыгарып айтуу. *[Сапар] бактылуу жаштар жөнүндө қыйытып бир қыйла сөздү ак жаандай себелетип өттү* (Бей-

шеналиев). *Кыйытсаң кыйын түшүнөт, Кыз-жигиттин асылы* (Маликов).

КЫЙЫШ I кый II этишинин кош мамилеси.

◆ **Оош-кыйыш** *к.* **оош.**

КЫЙЫШ II *этиш.* Ажырашуу, ажырап кетишүү, бирин бири кыюу, бири биринен кечип кетүү. *Экөөбүз жан казандан тамак жедик, дос болуп калдык, эми бири-бирибизди кыйышпайбыз* (Аалы).

КЫЙЫШТЫР *этиш.* 1. Кыноо, бирибирине эп келиштирүү. *Кымбат сарай, кампаларын салышып, Кыйыштырып кемчилдерин бүтөгөн* (Осмонкул). *Көз тигип, Тейтек талбай уруп жатып, Кыналтып, кыйыштырып жатат шайлап* (Бөкөнбаев).

2. Жемиш бактарынын сортторун жакшыртуу максатында бир бутагын же бүчүрүн экинчи бакка кыюу, кыйып отургузуу. *Алма кыйыштырдык.*

КЫЙЫШТЫРУУ кыйыштыр этишинин кыймыл атоочу.

КЫК *зат.* Малдын көң кылууга, жер семирткич катарында пайдаланууга боло турган майда тезеги. *Жеринин күчүн чыңдоого Жергелей кыкты төктүргөн* (Осмонкул). *Алмашпайм деп алтынга Койдун кыгын жыйнадың* (Үмөталиев).

КЫКТУУ *сын.* Кыгы бар, кыгы көп. *Кыктуу жер.*

КЫЛ I *зат.* 1. Жалдын, куйруктун ж. б. жоонураак келген айрым талы жана алардын жалпы аты. *Кыл чайнап, балбан Тиштээк кайраттанган* (Маликов). *Кыл аркан. Кыл чылбыр.*

2. Жалпы эле жүн; териден түшкөн жүн. *Кийим илгичтеги макентошунун суусун силкип, кыл -сылын тазалап кайрадан илип койдум* (Қаимов). *Султаның Табыл унчукпайт, Оң колун карап ыргытып, Бир тутам буурул кыл таштайт* («Эр Табылды»).

3. Музыкалык инструментте (комуз, балалайка ж. б.) тагылуучу ичегиден, сымдан жасалган жипче. *Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз* (Осмонов). *Асан карыя комузунун.. кылын саал чыңтып,.. тээгин.. жогору жылдырып койду* (Аалы).

◆ **Кыл жуугуч** — кылдан тоголоктоштуруп жасалган казан жуугуч. [*Күлүкан*] *жерде жаткан кыл жуугучту керегенин башына кыстарды* (Жантөшев). **Кыл курт** — жип сыяктуу жумуру узун курт. **Кара кылды как жарган(бөлгөн)** — адил, калыс, бардык нерсеге тең караган. [*Сатаров*] *кара кылды как жарган калыс адам* (Байтемиров). **Ичине кара кыл айланбаган** — ичи тар, көрө албаган. **Кылдан кыйкым табуу** — болбогон жерден эле күнөөлөө, жок жерден шылтоо таап урушуу, жок жерден кемчилик табуу. **Кыл жылдырбоо** — зыкымдык, сарандык кылуу, колунан эч нерсе чыгарбоо. **Кыл торко** — жүндөн токулган жакшы сапаттагы кездеме. *Кыл торко юбка, ак жибектен кофта* (Сыдыкбеков). **Кыл кыркпоо** — эч нерсе жебөө, тамактанбоо, наар албоо. **Ала кылды аттабоо** — ак, таза жүрүү, арамдык кылбоо. **Кыл жукпоо** — таза кармоо. *Тасторконуна кыл жукпайт, идиштери жеткилең* (Сыдыкбеков). **Кыл үстүндө** — өтө оор, кыйын абалда, кейиштүү. **Арасынан кыл өтпөйт** — өтө ысык, өтө ынак, ажырагыс дос. **Кыл тамак** *к.* **тамак II. Кылың кыйшайбайт** — эч нерсе болбойсуң, эч зыянга учурабайсың деген мааниде.

КЫЛ II *бөл.* Эң, өңчөй. *Биздин заман үчкүл заман — Замандардын кыял алды* (Бөкөнбаев). *Кырк жигитин карачы, Кыл баатырдан кураган* («Курманбек»).

◆ **Ар кыл** — ар түрдүү, ар кандай. *Ар башка ар адамда ар кыл кыял* (Осмонов). *Аалы Токомбаевдин жазуучулук өнөрү ар кыл* («Жаш ленинчи»). **Бир кыл** — бир түрдүү, бир катар; бирдей, текши, тегиз.

КЫЛ III *этиш.* Бир нерсени иштөө, жасоо. *Кылганың киши үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* (макал). *Эгин айдап мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул).

КЫЛАА *зат.* Жээк, көлдүн жака-бели, чети. *Ысык-Көл кыргыз көлү кылкылдаган, Кыз-келин кылаасында шыңкылдаган* (Осмонов). *Кылаасында кызыл алма жайнаган, Колотунда дары суулар кайнаган* (Аалы).

КЫЛААЛА *этиш.* Кылаасында жүрүү, жээктей жүрүү. *Төр кыдырып кылаалап, Жылкың өтсө бел менен* (Аалы).

КЫЛААЛАТ кылаала этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛААЛОО кылаала этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛААН *зат.* Сүт, суюк сүт. *Дарымчынын айтканына карата Ашымга кылаан бердире баштады.*

КЫЛАЙ *этиш.* 1. Кылтыйып көрүнүү, чети кичине көрүнүү. *Кубултуп, күн кылайып нур чачканда* (Турусбеков).

2. Кичинекей, тыптырмактай. *Кыңэткен чымын, кылайган жыт жок* (Убукеев).

КЫЛАЙТ кылай этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛАК: кылак этүү — булактоо, булак-булак эткен көрүнүштө болуу; кыландоо. *Шарип Иранын кылак этип буруллуп кеткенин гана көрүп калды* (Бейшеналиев). *Кылак-кылак этип ак жибек көйнөгүнүн.. этеги делбирттейт* (Сыдыкбеков).

КЫЛАКТА *этиш.* Кыландоо, кылак-кылак эткен көрүнүштө болуу. *Кылактап качкан түлкүнү Кылт эттирбей жайладың* (Токтогул). *Бир маалда бели кындай ак көйнөк кийип, кылактаган кыздын карааны көрүндү* (Каимов).

КЫЛАКТАТ кылакта этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛАКТОО кылакта этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛАМЫК *сын.* Жука, анча калың эмес (көбүнчө кар жөнүндө). *Ошол түнү кыламык кар жаган* (Каимов). *Мурдагы күнкү кыламык баскан издин дайнын чыгарбай салды* (Жантөшев).

КЫЛАМЫКТА *этиш.* Кыламык түшүү. *Бир күнү кыламыктап кар жаайт*

Жантөшев). *Кар кыламыктап, болор-болбос жел жүрөт* (Абдумомунов).

ҚЫЛАҢГЫР *сын.* Бозомук, акчыл, эптеп эле өңү өзгөргөн (мис., чайга сүт тамызылгандан кийинки өң). *Биз өңдөнгөн томактар жалгыз эчкини аркандап коюп, көк кылаңгыр сүт ичип отурчубуз* (Элебаев).

ҚЫЛАҢДА *этиш.* Кылак-кылак этүү, кылактаган, булактаган көрүнүштө болуу. *Карышкырдай кылаңдап, Түлкүдөй күйрук булаңдап* («Манас»). *Ак чабактай кылаңдап, Сууга ойнодуң, келинжан* (Тоголок Молдо).

ҚЫЛАҢДАТ кылаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛАҢДОО кылаңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛАПАТ *зат.* Жаманатты сөз. *Эч кимиң мындай-андай деп артынан кылапат айтпагыла* (Жантөшев). *Балким бирөө «Батишиң мындай, Батишиң андай» деп кылапат айтса, намысы катуу Чаргын ызаланар беле* (Сыдыкбеков).

ҚЫЛАЮУ кылай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛГЫЙМА *зат.* Билмексен болуп жүрүп бирөөгө жамандык издеген киши. *«Кылгыйма», «кыян кески» бир макалда, Экөө тең текши жүрөт бир катарда* (Тоголок Молдо).

ҚЫЛГЫЛЫҚ *зат.* Жамандык иш, кыянат иш, астыртан иштелген иш. *Кылгылыктын баарысын ошол жерде кылалык* («Семетей»). *Кылгылыкты өзү кылып тымпыйып, «Күнөкөрдү тапкыла» деп өтүнөт* (Аалы).

ҚЫЛГЫР *этиш.* 1. Сорпонун же тамактын үстүнө аз гана жылтырап май чыгып туруу. *Сорпонун майы кылгырып турат.*

2. Майлуу тамак жегенде май кекирүү, май кулгуу. *Май кылгыра түштум, Чаке* (Сыдыкбеков).

3. Көздөн тегеренип аз гана жаш чыгуу. *Бекботонун көзүнөн жаш кылгыра түштү* (Каимов). *Чалдын оозун тиктеп, кейип олтурган Токтогулдун жашы кылгырып, солуп-солуп алды* (Аалы).

◆ **Кылгырып кароо** — көзүн жоодуратып, жашылдантып сүйкүмдүү тиктөө, кароо.

ҚЫЛГЫРМА *сын.* Жоодураган, сүйкүмдүү. *Кылгырма көз.*

ҚЫЛГЫРТ кылгыр этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛГЫРУУ кылгыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛДА I: кылда башында (кылда учунда, кылда чокусунда) — эң башында, эң чокусунда. *Уста газетанын.. кылда учундагы эң чоң тамгаларга көзүн жабыштырды* (Бейшеналиев). *Ак баранда, беш атардан аткан менен — Эзелден кылда учуна ок жетпеген* (Үмөталиев).

ҚЫЛДА II *этиш.* Жүндүн кылын терип таштоо. *Тыбыт кылдап жаткандай, отоолорун чапканмын* (Аалы). *Кийизин аппак кылдаган.*

ҚЫЛДАЙ *сын.* 1. Ичке, абдан ичке. *Кылдай сым.*

2. Кичинекей, тырмактай, кенедей. *Кызыл тилин сайратып, Кылдай арман калган жок* (Тоголок Молдо).

ҚЫЛДАТ I *сын.* Чебер, этият. *Өз ишине кылдат карап барк кылган, Кызылчанын мол түшүмүн арттырган* (Осмонкул). *Омордун ар кыймылын кылдат байкап шүк олтурган Нина Леонтьевна* (Сыдыкбеков).

ҚЫЛДАТ II кылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛДАТКЕР *зат. сүйл.* Чебер, кылдат адам. *Элемандын эркеси Мойнуна тумар тактырып, Кылдаткерге бактырып* («Эр Төштүк»).

ҚЫЛДАТТА *этиш.* Чеберчилик менен, этияттык менен иштөө. *Бир сөздү ортосунан талаш кылып, Кылдаттап бирди миңге майдалаган* (Осмонов).

ҚЫЛДАТТОО кылдатта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛДАТТЫҚ *зат.* Чеберчилик, устаттык, этияттык. [*Салык*] *өзүнүн ишин кылдаттык менен жүргүзду* (Каимов).

ҚЫЛДАШ кылда этишинин кош мамилеси.

ҚЫЛДОО кылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛДЫР I кыл этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛДЫР II: кылдыр-кылдыр *туур.* Арабанын же башка бир нерсенин акырын калдыраган дабышы. *Бир кезде арт жактан кылдыр-кылдыр эткен арабанын үнү чыкты* (Баялинов).

ҚЫЛДЫРА *этиш.* 1. Қылдырлаган, кылдыр-кылдыр эткен дабыш, үн чыгуу.

2. *өт.* Өтө акырын жүрүү, илкип жүрүү. *Арымы жок кылдыраган араба, Арак сүйрөп сүйрөлүп, Нечен күндө жеткенбиз* (Элебаев).

ҚЫЛДЫРАТ кылдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛДЫРЛА кылдыра менен бирдей.

ҚЫЛДЫРОО кылдыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛДЫРООЧ *зат.* Төтөгөнүн чачыгы. *Узук этегинде кырка тартылган төтөгө кылдырооч* (Жантөшев).

ҚЫЛДЫРТ: кылдырт-кылдырт *туур.* Қылдыр-кылдыр эткен, кылдыраган кыска дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ҚЫЛДЫРТТА *этиш.* Қылдырт-кылдырт эткен, кылдыраган дабыш чыгаруу. *Терезе дагы кылдырттады* («Ала-Тоо»).

ҚЫЛДЫРТТАТ кылдыртта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛДЫРТТОО кылдыртта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЖЫЙ *этиш.* 1. Башын бир жагына кыйшайтуу; башын саландатуу, башын жерге салуу (мисалы, чарчап-чаалыкканда). *Кылжыйып отурат.*

2. Өтө арыктоо, кыржыюу. *Кылжыйган арык киши.*

ҚЫЛЖЫЙТ кылжый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЖЫҢ: кылжың-кылжың этүү — кылжыңдап, бир орунда турбай шылкыл-

доо. *Ашыр бир орунга тура албай кылжың-кылжың этип жете келди.*

КЫЛЖЫҢДА *этиш.* 1. Кылжың-кылжың этүү, шылкылдоо. *Кылжыңдап келет бир күнү, Шляпасы бүктөлүп* (Шүкүрбеков).

2. Калжактоо, түз сүйлөбөө.

КЫЛЖЫҢДОО кылжыңда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛЖЫР *сын.* Мойну кыйшык, мойну кылжыйган.

КЫЛЖЫЮУ кылжый этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛЖАЛАКТА кылжыңда менен бирдей.

КЫЛК: кылк-кылк этүү —1) суюк нерсени (мис., сууну) акырындан бөлөбөлө жуткандагыдай көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат. *Алексей Александрович булактын көзүнөн кочуштап суу сузуп алып, аны кылк-кылк эттирип жутуп жиберди* (Таштемиров); 2) көп болуп, кылкылдап туруу, теңселген, көз кайыктыкан абалда болуу. *Эл кылк-кылк этип турат.*

КЫЛКА *зат.* Катар, тегиз, текши. *Адыл тигил шымаланып иштешкен өңчөй бир кылка пионерлерге кубанып карайт* (Сыдыкбеков). *Шаңдуу кызыл жигиттер, Кылка-кылка, саптары* (Маликов).

КЫЛКАН *зат.* 1. Арпа, буудай сыяктуу өсүмдүктөрдүн башындагы узун ичке тикенекчелер. *Сейрек муруту арпакандын кылканындай тикеленди* (Жантөшев).

2. Балыктын майда, ичке сөөкчелөрү.

КЫЛКАНДУУ *сын.* Кылканы бар, кылканы көп. *Кылкандуу дан эгиндери.*

КЫЛКАНСЫЗ *сын.* Кылканы жок. *Кылкансыз эгиндер.*

КЫЛКЫЙ *этиш.* Көзүнүн асты менен тымызын кароо, кылыя кароо. *Кылкыйып ал астыртан көз жүгүрттү.*

КЫЛКЫЙТ кылкый этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛКЫЛДА *этиш.* 1. Бир калыпта акырындап жай жылуу. *Күн кылкылдап батып бара жатат* (Жантөшев).

2. Баштары бир кылка келип, текши толукшуп өтө көп болуп көрүнүү. *Темир канат жаштар барат Бир четинде кылкылдап* (Нуркамал). *Эр жигит эрте аттанып, алыс кетет, Ок учуп, ат кошкурун, туу кылкылдап* (Осмонов).

КЫЛКЫЛДАТ кылкылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛКЫЛДОО кылкылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛКЫЮУ кылкый этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛМЫЙ *этиш.* 1. Кылтыйгандай, уялыңкыргандай, оюн чыгарбай ичине сактагандай көрүнүштө болуу. *Кыз кылмыйып салаалары ушалайт* («Ала-Тоо»).

2. Илмийген, арык кебетеде болуу.

КЫЛМЫШ *зат.* Законго каршы иштелген иш, терс иш, күнөө, айып. *Каардуу душман кылмышына жараша катуу сокку жээрин* [Фомичев].. *айтты* (Сасыкбаев). *Силерчесинен көз көрүнөө качуу кылмыш болбойт экен го* (Жантөшев).

КЫЛМЫШКЕР *зат.* Күнөөкөр, күнөөсү бар, айыпкер. *Бермет сөзүн тамашага чалды: — Мөмөлөрдү кемирип жүргөн кылмышкер өзүң болсоң керек* (Сыдыкбеков). *Корко тургандай кылмышкер эмесмин* («Ала-Тоо»).

КЫЛМЫШТУУ *сын.* Кылмышы бар, күнөөлүү, күнөөсү бар. *Ушакчылар да кылмыштуу болору эсиңизде болсун* (Каимов). *Чоң эне.. кылмыштуу карады* (Сыдыкбеков).

КЫЛМЫЮУ кылмый этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛОО I *зат.* 1. Музоо, торпоктордун тилинде болуучу оору.

2. Жаңы туулган музоолорду ырымдаганда айтылуучу ыр. *Кылоо-кылоо торпогум, Алдыга барсаң бөрү жейт, Артта калсаң ууру алат.*

КЫЛОО II *зат.* Бычактын, кылычтын ж. б. курчутулган, бирок бүлөнө элек мизи. *Канжарымдын мизинин кылоосу да түшкөн* (Сыдыкбеков).

КЫЛТ *туур.* 1. Кыймыл-аракеттин, көрүнүштүн ж. б. дароо, өтө тез болгондугун билдирүүдө колдонулат. *Кылактап качкан түлкүнү Кылт эттирбей жайладың* (Токтогул). *Кадыркулдун оюна бир нерсе кылт дей түштү* (Каимов).

◆ **Кылт коюу** — шып этип жок болуу, билинбей жөнөп кетүү. **Кылт эттирбөө** — кылтылдатпай, былкылдатпай кармоо; кыңк эткизбөө. **Кылт этип коюу** — бир аз жутуп коюу; бир аз ичкилик ичип коюу.

КЫЛТАК *зат.* Куштарды кармоо үчүн кылдан жасалып, узун чыбыктын башына байланган илмек. *Ал эртеңкиге түзак эшип, кылтак даярдады* (Аалы). *Ышкыбоздор уктабай, Кылтагын сүйрөйт куш карап* (Шүкүрбеков).

КЫЛТАКТА *этиш.* 1. Кылтак менен кармоо, кылтакка илиндирүү. *Кылтактап кармалган куш.*

2. Көбүнчө кылкандуу дан эгиндердин (мисалы, буудайдын) баштарын үзүү, жулуу.

КЫЛТАКТАТ кылтакта этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЛТАКТАШ кылтакта этишинин коош мамилеси.

КЫЛТАКТОО кылтакта этишинин кыймыл атоочу.

КЫЛТЫЙ *этиш.* 1. Кичинекей гана көрүнүү, жаңыдан гана чыга баштоо. *Жаңыдан көк кылтыя баштаганда аба тазара түшкөн* (Сыдыкбеков). *Муруту жаңы келаткан Бычак сырты кылтыйып* (Осмонкул).

2. Билмексен, көрмөксөн болумуш болуу, уялыңкыраган кебетеде болуу. *Алдыртан кылтыйып олтуруп, укмуштун баары сенден чыгат?* (Сыдыкбеков). *Түгөтуп салып тарууну, Жатканын кара кылтыйып* (Борбугулов).

ҚЫЛТЫЙТ кылтый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛТЫЛДА *этиш.* 1. Қылтыңдоо, кылыктануу, экилене кыймылдоо, сүлкүлдөө, жагымдуу басуу. *Кызыл көйнөк, кыйгач каш, Қылтылдаган кыз келет* (Осмонов).

2. Туруктуу болбоо, бир сөзүндө турбоо, улам бирди сүйлөө.

ҚЫЛТЫЛДАТ кылтылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛТЫЛДОО кылтылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛТЫҢ I *зат.* Қылык, мандемдүү иш. *Алдыртан кишилердин айтууна караганда.. төртөөнүн кылтыңы бардай* (Жантөшев).

ҚЫЛТЫҢ II: кылтың-кылтың этүү — бир жерге токтоп тура албоо; кылыктануу, ойсоктоо.

ҚЫЛТЫҢДА *этиш.* 1. Қылыктануу, экилене кыймылдоо, ойсоңдоо, жасакерленүү. *Бул үйдө кылтыңдаган кыздын, кылактаган келиндин жоктугу байкалып турат* (Жантөшев).

2. Туруктуу болбоо, бир сөзүндө турбоо, улам бирди сүйлөө. *Дайырбек мурунку сөзүнө турбай кылтыңдай баштады.*

ҚЫЛТЫҢДАТ кылтыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛТЫҢДОО кылтыңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛТЫР: көк кылтыр — сүткө, айранга, кымызга суунун көп кошулуп кеткендеги көрүнүшү, абдан суюк.

ҚЫЛТЫЮУ кылтый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛУУ кыл этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЧА *сын.* Кенедей, кымындай, кичинекей да. *Өзүнө кылча жамандык ойлобосуна көзү жетип келген* (Бейшеналиев).

ҚЫЛЧАЙ *этиш.* 1. Мойнун буруп, арка жагын кароо. *Өз кыялына өзү кубанган Ашым артына кылчайып, Көсөлду карап коёт* (Каимов). [*Балдар*] *бири-бирин кылчая карашып, кол серпишип, катуу-катуу сүйлөшүүдө* (Бейшеналиев).

2. Қайрылуу, кайта айлануу, кайрылып келүү. *Кылчайып келсем үйдө жок, Кыргыйым качкан оң колдон* (Токтогул). *Кырстыгынан кылчайып, Жанына киши барбаса* («Курманбек»).

ҚЫЛЧАЙТ кылчай этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЧАҚ: кылчак-кылчак кароо — кайра-кайра кылчайып артын кароо, кылчаң-кылчаң кароо. *Жагалмай кылчак-кылчак карап, көздөн кайым болду* (Аалы).

ҚЫЛЧАҚТА *этиш.* 1. Улам-улам арка жагын кароо. *Аркасын карап кылчактап, Коңурбай качып калган кез экен* («Манас»).

2. *өт.* Тарткынчыктоо. *Муну эч бир кылчактабай туруп эле, бардыгыбыз тең барып талап кылууга тийишпиз* (Абдукаримов).

ҚЫЛЧАҚТАТ кылчакта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЧАҚТОО кылчакта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЧАҢ: кылчаң-кылчаң кароо — кылчак-кылчак кароо. *Энеси кылчаң-кылчаң артын карап, Зыркырап ичи күйүп бара жатты* (Шүкүрбеков).

ҚЫЛЧАҢДА *этиш.* 1. Улам-улам арка жагына карануу, кылчактоо. [*Жолоочу*] *кылчаңдап, аягын зорго шилтеди* (Убукеев). *Кылчаңдап улам боздосо, Иңгендин көркү тайлакта* («Мендирман»).

2. *өт.* Тарткынчыктоо, кылчактоо. *Қырчылдашар жоо келсе, Қысынбаймын кылчаңдап* («Курманбек»). — *Карыя өзүңүз эле бара койбойсузбу! — деп Акбар кылчаңдады* (Убукеев).

ҚЫЛЧАҢДАТ кылчаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЧАҢДОО кылчаңда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЧАЮУ кылчай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЧЫҚ *сын.* Уяң эмес, кайраттуу (жүн жөнүндө). *Бүт эле кылчык жүндүү койлор, уяң жүндүүдөн ырым кыларга бирөө жок* (Абдумомунов).

ҚЫЛЧЫЛДА *этиш.* Сууктан солкулдоо, калчылдоо. *Кылчылдап тоодо жүрөбүз Қышкы бороон ызгаарда* (Осмонкул). [*Берди*] *кылчылдаганын али токтото албай.. Темирге тике карады* (Жантөшев).

ҚЫЛЧЫЛДАТ кылчылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЧЫЛДОО кылчылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЫЙ *этиш.* 1. Көздүн кыйыгы менен кылтыйып кароо. *Эки жигит.. карыядан өтүнө албай, кылыйып тымтырс олтурушту* (Бейшеналиев). *Даша.. Ашырдан кылыя карап сурады* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Таарынуу, таарынып унчукпай калуу. *Абаз эч нерсе дебей, кылыйгандан кылыйып, унчукпай калды* (Таштемиров).

ҚЫЛЫЙТ кылый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЫҚ *зат.* 1. Жорук, кылган иш. *Саламаткандын кылыктары көз алдына элестеди* (Жантөшев).

2. Күлк-мүнөз, жүрүш-туруш. *Қыз-келиндин ичинде Қылыгым сонун көрүнгөн* (Токтогул). *Қыйнап жүргөн солдатка Қылык менен жактым да* (Токтогул).

ҚЫЛЫҚСЫН *этиш.* Уялымыш болуу, тартынымыш болуу. *Қыздар келип, кылыксынып жесин деп, Мейиз төгөм ак токочтун сыртынан* (Осмонов).

ҚЫЛЫҚСЫНТ кылыксын этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЫҚСЫНУУ кылыксын этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЫҚТАН *этиш.* Қылык көрсөтүү, мүнөз көрсөтүү, назданууу, оштонуу. [*Ира*] *..кылыктанып басып, боз уландардын көз жоосун алат* (Бейшеналиев).

ҚЫЛЫҚТАНТ кылыктан этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЫҚТАНУУ кылыктан этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЫҚТУУ *сын.* Иш-аракети, кылык-жоругу сүйкүмдүү, ойсоңдогон, кылтыңдаган. *Сайранын сурданган иреңи кичине жазылып, кылыктуу күлүмсүрөп: — Шүгүр, — деди* (Қасымбеков).

ҚЫЛЫМ *зат.* 1. Жүз жыл, жүз жылдык мезгил. *Мен өскөмүн уруш-күрөш жылында, Мен өскөмүн жыйырманчы кылымда* (Турусбеков).

2. Дүйнө, бүт дүйнө жүзү. *Мындай сонун теңчилик Қылымда мурун болбогон* (Токтогул). *Қыргыз, кыпчак эл турмак, Қылымга жетти дастаның* («Курманбек»).

ҚЫЛЫЧ *зат.* Атчан аскерлер колдонуучу бир жагы миздүү кайкыраак, узунураак келген курал. *Сайса найза тешкисиз, Чапса қылыч кескисиз* («Манас»).

ҚЫЛЫЧТА *этиш.* Қылыч менен чабуу, кылыч менен чапкылоо. *Қыргын салып қылычтап, Қызыл канын төгөйүн* («Курманбек»). *Қылычтап башын кесишип, Қыргын салдык калмакка* («Эр Табылды»).

ҚЫЛЫЧТАТ кылычта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЛЫЧТАШ *этиш.* Қылыч менен чабышуу.

ҚЫЛЫЧТАШУУ кылычташ этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЫЧТОО кылычта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЛЫЮУ кылый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМБАТ *сын.* 1. Баасы жогору, арзандын карама-каршысы. *Баасы қымбат, баркы өйдө, Жакасына пахта айдап* (Үсөнбаев).

2. Татаал, кыйын. *Ашуусу қымбат бел да көп, Аңдышып жаткан эл да көп!*

3. Қадырлуу, асыл. *Айрылып калдым арманда, Асыл Шаршен, қымбаттан* (Осмонкул). *Қымбатын таппай жок издеп жалгызсырагандай* (Сыдыкбеков).

ҚЫМБАТТА *этиш.* 1. Наркы көтөрүлүү, баасы жогорулоо.

2. Қадырлоо, баалоо. *Қымбаттап жазган катымдын Қылчайып жообун бербедиң* (Осмонкул).

ҚЫМБАТТАТ кымбатта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫМБАТТОО кымбатта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМБАТТУУ *сын.* Ардактуу. *Жаңы жылыңар кут болсун, қымбаттуу пионерлер!* («Жаш ленинчи»). *Қымбаттуу сулуу Кишимжан Жетсек деп эрте энтелеп* («Олжобай менен Кишимжан»).

ҚЫМБАТТЫҚ *зат.* Баасы көтөрүңкүлүк, кымбат тургандык. *Көкөтөйдүн кыйшык өркөч қызыл нар Қымбаттыгы кыйла бар* («Эр Төштүк»).

ҚЫМБАТЧЫЛЫҚ *зат.* Буюмдардын баасынын жогору болушу, жогору болуп турган учуру. [*Мурда Россияда*] *қымбатчылык өсүп олтурду* («Коммунист»).

ҚЫМГУУТ *сын.* Чакчелекей-будуңчан, тополоң, ызы-чуу. *Басмачылар қымгуут боло баштады* (Жантөшев).

ҚЫМҚАП *зат.* Бир жиби алтын жекүмүш аралаштырылып согулган жибек кездеме. *Қымкап чапаныңыз болсо кийип алыңыз* (Сыдыкбеков).

ҚЫМҚАР *зат.* Майдалап, көбүнчө суук болуп турганда же чоң кар жаагандан кийин түшүүчү жука жылтылдак кар. *Улуу тоолор қымкар, кыроо жамынып калган кез* (Сыдыкбеков).

ҚЫМҚАРЛА *этиш.* Қымкар түшүү.

ҚЫМҚАРЛОО кымкарла этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМПЫЙ *этиш.* Сыр билдирбөө, тымпыюу, сыртына чыгарбоо. *Сыр бербестен зымпыйып, Қыраан куштай қымпыйып, Адептүү болгун баарыңар* («Манас»).

ҚЫМПЫЮУ кымпый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМТУУ кымты этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМТЫ *этиш.* 1. Бир нерсенин чет жакасын ичин көздөй кымыруу. *Жума Қаныбекти кайра жаткырып, эки жагын қымтып койду* (Жантөшев). *Батыйма маңдай чачын жоолугуна қымтыды* (Убукеев).

2. *өт.* Жашырып алуу, уурдап алуу. *Уурдап алган, қымтып алган жук болбойт, Андайлардын карды тойбойт, иши оңбойт* (Осмонов).

ҚЫМТЫЛА *этиш.* Чет жакаларын ичин көздөй имерип, кымыруу. *Бир аял.. эки жагымды қымтылады* (Жантөшев).

ҚЫМТЫЛАН кымтыла этишинин өздүк мамилеси.

ҚЫМТЫЛОО кымтыла этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМТЫН кымты этишинин өздүк мамилеси.

ҚЫМЧА кыпча менен бирдей.

ҚЫМЫЗ *зат.* Қөбүнчө бээнин сүтүнөн ачытылып жасалган суусун. *Жайлоодогу биз ичкен Байтал бээнин бал қымыз* (Осмонов). *Чаначтын булуңдары тирсийип, күлдурт-күлдурт чайкалганда, ууз қымыздын жыты.. бур дей түштү* (Сыдыкбеков).

ҚЫМЫЗДУУ *сын.* Қымызы бар, қымызы көп. *Қыздуу үйдө қыякчы, қымыздуу үйдө аякчы* (макал).

ҚЫМЫЗДЫҚ *зат.* Ачкыл даамы бар тоодо өсүүчү майда жалбырактуу өсүмдүк. *Кенже таң эртеңден қыздар менен бирге.. ышкын, қымыздык, көбүргөн терип ойноду* («Жаш ленинчи»).

ҚЫМЫЙ *этиш.* Ичинен қымылдап сүйүнүү, кубануу, ичинде болуу. *Эриктик го баатыр деп, Эрдин тиштеп қымыйды* («Эр Табылды»). *Қычан бул сөздү укканда кийин қымыйып жаакташууну токтотту* (Бейшеналиев).

ҚЫМЫЛДА *этиш.* Ичинен кубануу, ичинен сүйүнүү, кубанычка батуу. *Көсөл андан бетер қымылдап келе жатат* (Каимов). *Теңтуш өскөн ынактар, Алар дагы қымылдап* (Тоголок Молдо).

ҚЫМЫЛДОО кымылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМЫН кыпын менен бирдей.

ҚЫМЫНДАЙ *сын.* Кыпындай, кичинекей, тырмактай. *Асман айнектей, кымындай булут жок* (Жантөшев).

ҚЫМЫҢДА *этиш.* Ичинен кубануу, кымылдоо.

ҚЫМЫҢДОО кымында этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМЫР *этиш.* 1. Кымтылоо, нерсенин чет жакасын ичин көздөй кайруу. *Ошого чейин делпилдеп келаткан эки этегин кымырып алууга буямасы келбептир* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Уурдоо, көрсөтпөй жашырып алуу, кымтып алуу. *Сарбашевага тийиштүү пенсияны кымырып-кымтый баштады* («Чалкан»). *Ашырып бир топ акчаны, Кымырып коюп жай алдың* (Үмөталиев).

ҚЫМЫРАН *зат.* Суу көбүрөөк кошулуп кайнатылган сүт. *Түш болсо берет кымыран, Чыдабай калдым шунуңдан* (Барпы).

ҚЫМЫРЫН кымыр этишинин өздүк мамилеси.

ҚЫМЫРУУ кымыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫМЫЮУ кымый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫН *зат.* Кылычтын, канжардын жана бычактын кабы. *Кара болот нар кескен кындан алып сууруп* («Манас»). [*Устанын*] *белинде кайыш илгичи, илгичинде кыны.. бар* (Баялинов).

◆ **Қынына кийрүү** — коркутуу, шаштысын кетирүү. *Большевиктер эсерлерди кынына кийрип, кылмыштарын ашкерелептир* (Сасыкбаев).

ҚЫНА I *зат.* Тырмакты боёо үчүн колдонула турган өсүмдүк. [*Идаяткан*] *бетине упа, колуна кына сүртүп, кашына осмо коюп жүрө турган адаты бар* (Жантөшев).

ҚЫНА II *этиш.* Эп келиштирип кыйыштыруу, чеберчилик менен эбине келтирүү, жаназа эптештирүү, жик чыгарбай, көлкөйтпөй эби менен бириктирүү, улоо. *Кундакка мылтык кынаткан, Тоо теке атып сулаткан* (Тоголок Молдо). *Ташты чегип кынаган, Бир-бирине улаган* (Үмөталиев). *Көрпөдөн ичик кынайын, Көбөөсүн макмал кылайын* (Токтогул). *Кызыл, жашыл шаңданып, Кынап тигип кыз кийсе, Жайдын көркү турбайбы* (Осмонкул).

ҚЫНАЛ кына этишинин туюк мамилеси.

ҚЫНАПТА *этиш.* Бир нерсеге тыкандык, чебердик, кылдаттык менен мамиле кылуу. [*Кагазды*] *кынаптап бүктөп кайра берди* (Жантөшев). [*Айымжан*] *кынаптап мээлей тигип отурган* (Сыдыкбеков). *Ар бир сөздү кынаптап, Орду менен айта алат* (Аалы).

ҚЫНАПТАТ кынапта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫНАПТОО кынапта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНАТ кына этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫНДА *этиш.* Кынга салуу. *Бычак берсең кындап бер, Кындап берсең, чындап бер* (Токтогул). *Албарс кылыч кында деп* («Манас»).

ҚЫНДОО кында этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНДУУ *сын.* Кыны бар. *Кындуу бычак.*

ҚЫНДЫЙ *этиш.* Ичи кабырылуу, кынжыйган, арык көрүнүштө болуу.

ҚЫНДЫЙТ кындый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫНДЫЮУ кындый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНЖЫЙ *этиш.* Ичи кабырылуу, өтө арык, кындыйган көрүнүштө болуу. *Баягы балканактай эткээл дене да жок. Бирдеме шимип-соруп таштагандай кынжыят* (Байтемиров).

ҚЫНЖЫЙТ кынжый этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫНЖЫЛ *этиш.* 1. Ичи ичине жабышкан абалда, кынжыйган абалда болуу.

2. Араң эле жоон берүү, абдан кыйылуу.

ҚЫНЖЫЛУУ кынжыл этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНЖЫЮУ кынжый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНОО кына этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНСЫЗ *сын.* Кыны жок. *Кынсыз кылыч байланып, Болот чокмор колго алып, Күл азыгын шайлады* («Эр Төштүк»).

ҚЫНТЫҚ *зат.* Кемчилик, кемтик, жетишпегендик. *Кээде жөн эле жерден кынтык таап урат имиш* (Байтемиров). *Кыйынсынып чиркин абыдан, Кынтык табат башкадан* (Маликов).

ҚЫНУУ *зат.* Кынык, кыныкканлык, бир иштин кызыгы, кызыгына киргендик. *Кынуусуна киргең соң, Күндө тозок салбайбы* («Манас»). *Бирин-серин койду жеп, кынуу тапкан карышкырды айыгышкан койчу бир күнү капканга түшүрүп алды* (Қаимов).

ҚЫНЫГУУ кынык этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫНЫҚ I *зат.* Кынуу, кызык, кызыкчылык. *Оозго албагандыгыңардын себеби мунун даамына кыныкпа элексиңер* (Абдукаримов).

ҚЫНЫҚ II *этиш.* Кынуу алуу. [*Койчу*] *ошондон кийин кыныкпа алып, таш көмүрдү үйүнө ала келип жүрдү* (Сасыкбаев).

ҚЫНЫҚТЫР кыныкпа этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢ *туур.* Акырын чыккан созулуңкураак үн. *Анда-санда кыңк эткен үнүн чыгарып, Дарыяхан жатат* (Жантөшев).

◆ **Қың дебөө** *же* **кың этпөө** — унчугуна албоо; унчукпай, бир нерсе деп сөз айтпастан, сөзсүз орундатуу. *Биринин айтканын бири кың дебей орундатчу эле* (Байтемиров). *Күлүкандын атасы колунан келген кызматты кың дебей аткарган.. момун кишинин бири эле* (Ашубаев).

ҚЫҢАЙ I *сын.* Бир жагына кыйшайыбыраак, кыйгачыраак. *Мукаш чалдын жашаган бетине кыңай карады* («Жаш ленинчи»). *Бештен он гана минут өттү, — деди шофер Садырга кыңай карап* (Жантөшев).

ҚЫҢАЙ II *этиш.* 1. Бир жагына бир аз ооп кыйшаюу, кыйгачыраак абалда болуу.

2. Кыйшаюу, кыңкаюу.

ҚЫҢАЙТ кыңай этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢАРАҚ кыңырак менен бирдей.

ҚЫҢАЮУ кыңай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢГЫР *туур.* Керилип турган кылды тартып жибергенде же темир бир нерсеге урунганда чыккан сыяктуу ачык дабыш. *Күн күркүрөп жарк эткенде чагылган, Жансыз металл кыңгыр этет озунуп* (Аалы).

ҚЫҢГЫРА *этиш.* Кыңгыр эткен, шыңгыраган үн чыгуу. *Комузуң колдо кыңгырап, Кош добуш чыгат шыңгырап* (Токтогул). *Кылычы белде кыңгырап* («Эр Табылды»).

ҚЫҢГЫРАТ кыңгыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢГЫРЛА кыңгыра менен бирдей.

ҚЫҢГЫРОО кыңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢҚ кың менен бирдей.

ҚЫҢҚАЙ *этиш.* 1. Бир жагына жантаюу. *Кыңкайып чарчаганда көздү жумам* (Абдыраманов). *Тащ кемегенин жанында кыңкайып,.. арча челек жатат* (Касымбеков).

2. Кыйшаюу, бир аз ооп калуу. *Асман көзүн бүгүн түш кыңкая коюу булуттар далдаалады* (Бейшеналиев). *Күн төбөдөн жылып кыңкайып баратат* («Ала-Тоо»).

ҚЫҢҚАЙТ кыңкай этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢҚАЮУ кыңкай этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢҚЫЛДА *этиш.* Акырын үн чыгаруу, өзүнчө түшүнүксүз күңкүлдөө. *Эми өзү ичтен кыңкылдап, өкүнүтүү ырдап олтурат* (Сыдыкбеков). *Ары карап кыңкылдап, Бери карап мыңкылдап* («Эр Төштүк»).

ҚЫҢҚЫЛДАТ кыңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢҚЫЛДОО кыңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢҚЫСТА *этиш.* Кыңылдап үн чыгаруу, бир жери ооруганда кыңылдап онтоо. *Аңгыча болбой төр жактан кыңкыстаган үн чыкты* (Бөкөнбаев). *Жарадар кыңкыстап.. бара жатты* (Сыдыкбеков).

ҚЫҢҚЫСТОО кыңкыста этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢШЫЛА *этиш.* Кыңылдаган ичке үн чыгаруу (мис., ит, күчүк); **кыңылдоо.** *Балтек кыңшылап кайра кишини көздөй зымырылды* (Сасыкбаев). *Бопбоз мунарыкка көзүн салып, Ит кыңшылап улуйт үн чыгарып* (Шүкүрбеков).

ҚЫҢШЫЛАТ кыңшыла этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢШЫЛОО кыңшыла этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢЫЛДА *этиш.* Ичинен акырын ичкерээк үн чыгаруу; кың-кың эткен ичке, алсыз үн чыгаруу. [*Күлжан*] *кыңылдап ырдаган бойдон, контораны көздөй жөнөдү* (Байтемиров). *Жалгыз караан өзүнчө кыңылдап ырдап орто көчөдө келе жатты* (Убукеев).

ҚЫҢЫЛДАТ кыңылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫҢЫЛДОО кыңылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫҢЫР *сын.* Кыйшык, туура эмес, түз эмес. *Кыңыр иш кырк жылдан кийин да билинет* (макал).

ҚЫҢЫРАҚ *зат.* Көбүнчө кийиз кесүү үчүн колдонулуучу олдоксон жасалган эки миздүү бычак; мокок жаман бычак.

ҚЫҢЫРЫЛ *этиш.* Имерчиктөө, тарткынчыктоо, көңүлсүнбөө. *Кыз кыңырылып сүйлөдү* (Каимов). [*Сапар*] *бир аз кыңырылып, шартка түшүнгөн соң, жөнөөгө макул болду* (Бейшеналиев).

ҚЫҢЫРЫЛУУ кыңырыл этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫПЧА *сын.* Ичке (белге карата). *Акылы сергек кыпча бел, Ал-жайыңды сурайын* (Осмонкул).

ҚЫПЧУУ кыпчы этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫПЧУУР *зат.* Чокту, ысык темирди ж. б. кыпчый кармоо үчүн ылайыкталып жасалган курал, чымчуур, кычкач. *Бир кезде, кыпчууру кызарып кетти эле, карыя уста тепшидеги сууга чар эттире малды* (Убукеев).

ҚЫПЧЫ *этиш.* 1. Кыпчуур, кычкач ж. б. менен кыса кармоо, кысуу. *Көмүрдү кычкач менен кыпчып алды.*

2. Бир нерсенин ортосуна, арасына кысып коюу, кыстаруу.

ҚЫПЧЫК *зат.* 1. Бешиктин күлтүк коюлуучу оюгуна же күлтүктү жээктете коюлуучу кыпчынды чүпүрөк.

2. Казанга нан жаап бышырганда ачык калган жерине кыпчылып кошулган бөлүгү.

ҚЫПЧЫЛ 1. кыпчы этишинин туюк мамилеси.

2. *өт.* Кийлигишүү, арасына кирише калуу. *Бир коюнуз бир жылда 4 килодон жүн бере коё алар бекен?! — деп Итике сөзгө дагы кыпчыла калды* (Убукеев). *Сен эмне кыпчыласың, селсаяк?! — деп ормоё карады* (Абдукаримов).

ҚЫПЧЫЛДЫК кыпчык менен бирдей.

ҚЫПЧЫНДЫ *зат.* Эки нерсенин арасында боло турган кичинекей бөлүкчө, бир нерсенин арасына коё турган кыстырынды.

ҚЫПЧЫТ кыпчы этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫПЫЙ *этиш.* Кичинекей жана келишимдүү көрүнүштө болуу. *Аста басып*

кыпыйып, Ак кептердей тыпыйып (Тоголок Молдо).

КЫПЫЙТ кыпый этишинин аркылуу мамилеси.

КЫПЫЛДА *этиш.* Тынчсыздануу, тынчы кетүү. *Коop кылып булар да, Коркуп жүрөт кыпылдап* (Тоголок Молдо).

КЫПЫЛДАТ кыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫПЫЛДОО кыпылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫПЫН *зат.* Бир нерсенин эң кичине, өтө майда бөлүгү. *Көрүк күүлдөп ышкырып, очоктогу көмүрдү үйлөп жалын чачыратып, кыпындарын абага учурууда* (Бейшеналиев).

КЫПЫНДАЙ кымындай менен бирдей.

КЫПЫҢДА кымыңда менен бирдей.

КЫПЫЮУ кыпый этишинин кыймыл атоочу.

КЫР I *зат.* 1. Тоонун кырка тартып, жондонуп чыгып турган бөлүгү, тоонун көтөрүлүп чыгып турган жону. *Аттуулар кыр өйдө келип жакындаганда Алыбек Темировду тааныды* (Жантөшев). *Жамгырым, жамгырым, Көгөрт тоонун ой, кырын* (Осмонов).

2. Бир нерсенин чети, кырданып чыгып турган бөлүгү. *Атай суудан секирип, арыктын кырына чыкты* (Бейшеналиев). *Жер тамдын кырында.. кара чыйырчыктар олтурат* (Сасыкбаев).

3. Каптал. *Көмөрөсүнөн жаткан Каныбек сол жаккы кырына оодарылды* (Жантөшев).

4. Жал, жал-жал, жон-жон кылып үйүлгөн үйүндү. *Батыйманын көзүнө кырманга додолоп койгон, кыр-кыр кызыл буудайларга окшоп көрүндү* (Убукеев). *Эчен кыр данга толгон кырманында, Чамынып молотилка турган чагы* (Маликов).

◆ **Кыр жабуу** — эгин көйкөлүп текши чыгып, жердин карасын көрсөтпөй жаап калуу. *Буудайы кыр жаап келгенде, Арпасын эрте сугарган* (Токтогул). **Кыр көрсөтүү** *к.* **көрсөт. Көз кырын салуу** — кайрылышып туруу, жардам берүү, карай жүрүү, көңүл бөлүү. **Кырына чыгып алуу** — үстөм болуу, үстөм келүү. *Эми Мамбет да.. [Мамбеткулдун] кырына чыгып алды* (Каимов).

КЫР II *этиш.* 1. Жок кылуу, өлтүрүү. *Жыргалга кастык кылганды, Жыландай жанчып кырамын* (Бөкөнбаев). *Кырамын өзү келген ач көз жоону Колхоздун адырынан чөп чапкандай* (Үмөталиев).

2. Бир нерсени сүргүлөп тегиздөө, сүргүлөп тазалоо, сүрө тартып ажыратуу, бөлүү. *Табак-аяк кырат, кашык жасайт* (Аалы). *Айран калдым мен көрүп, Апийимди кырганын* (Осмонкул). [*Аттын*] *жанына барып, мойнунан сылап, каткан терлерин кырды* (Каимов).

КЫРААҚЫ *сын.* Иштин алдын ала билгич, байкагыч, көрөгөч. *Көптү көргөн кыраакы, Көк жал Бакай кабылан* («Манас»). *Салыктын кыраакы көздөрү үйдүн ичи көңүлдөгүдөй эместигин дароо байкады* (Каимов).

КЫРААҚЫЛЫҚ *зат.* Көрөгөчтүк, алдын ала билүүчүлүк, байкагычтык. *Каныбек чалдын кыраакылыгына кубангандай карап турду* (Жантөшев). [*Фомичев*] *кыраакылыкты көтөрүүнү талап кылды* (Сасыкбаев).

КЫРААН I *сын.* 1. Алгыр. *Кыраан бүркүт. Кыраан куш.*

2. Мыкты, кыйын, өткүр. *Бизден чыкты өсүп жаштын кырааны, Эркек, аял, бир катарда туралы!* (Барпы).

КЫРААН II: кыраан-каткы — жапырт, катуу күлүү,аябай каткыра күлгөн күлкү. *Алардын кыраан-каткы күлкүлөрү алда кайда угулат* (Жантөшев). *Олтурган элдер кыраан-каткы күлүштү* (Баялинов).

КЫРААТ *зат.* Кубулжута, үнүн созолонто окуу ыгы, жолу (көбүнчө куран окууга карата). *Билбеген кишилер кыраат менен куран окуп бараттат дечү* (Аалы). *Буга жага түшкөнбү деп ойлодум, жогорудагы эки сапты кырааты менен кайталап бердим* («Чалкан»).

КЫРАҢ *зат.* Кичирээк кыр, анча бийик эмес тоонун кыры. *Айгүл менен Абылбек аттарды кыраңдын ылымта жакы бетине байлаштырып коюшуп, Алыбек менен Темировдун артынан жүрүштү* (Жантөшев). *Салкын төр, жашыл кыраңдан, Төрт түлүк малы жайылган* (Элебаев).

КЫРГАК *зат.* Жээк; бир нерсенин жээгине тартылуучу кооздолуп жасалган тасма. *Кыргагына калпактын Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»). *Кызыл кыргак тагынган, Келин аман барсыңбы?* (Токтогул). *Кызыл- тазыл кырмызы, Кыргагын тартсам бөлүнбөйт* («Манас»).

КЫРГООЛ *зат.* Тоок тукумуна кирүүчү кооз жүндүү канаттуу. *Чоң Таластын токоюнда толгон жапайы коёндор, кыргоолдор бар* (Каимов).

КЫРГЫЕК *зат.* Түлөй элек жаш кыргый. *Кыюусу менен таптаса Кыргыек жакшы салганга* (Осмонкул).

КЫРГЫЙ *зат.* Көбүнчө чымчык, бөдөнө сыяктуу майда канаттууларды алуучу жырткыч куш. *Түлөк кыргый. Кыргый салуу.*

◆ **Кыргыйдай тийүү** — бирөөгө тартынбай катуу тийүү, тайманбастан качыруу, чакчелекейин чыгаруу.

КЫРГЫН *зат.* Кан төгүлгөн катуу уруш. *Бүгүнкү кыргын чабуулда Бүлүктү жоого салгандыр* (Бөкөнбаев). *Фашисттин ажыдаарын белден кесип, Жоо жолун кыргына алып кайра сүргөн* (Осмонов).

КЫРГЫНДА *этиш.* Кыргын салуу, кырып-жоюп таштоо.

КЫРГЫНДОО кыргында этишинин кыймыл атоочу.

КЫРГЫНДУУ *сын.* Кан төгүлгөн, катуу салгылашуулар болгон. *Кыргындуу согуш.*

КЫРГЫЧ *зат.* 1. Көбүнчө казандын түбүн, кырмычык кыруруга ылайыкталып жасалган кыска, сабы туурасынан асталган калакча. [*Энеси*] *кыргыч менен казан кырат* (Байтемиров).

2. Апийимди кырып, жыйнап алуу үчүн ылайыкталып жасалган кичинекей калакча.

КЫРДА *этиш.* 1. Бир нерсени кыр кылып үйүү, жыйноо. *Кызылчасын тоодой кылып кырдаган Бардык элден эркин-шайыр жыргаган* (Аалы).

2. Бир нерсеге кыр чыгаруу, бир нерсени кырдуу кылып жасоо. *Бул төгүн таш эмес. Адис уста атайы төрт кырдап жасап.. койсо керек* (Таштемиров).

КЫРДААЛ *зат.* Абал, шарт, белгилүү бир учур, оңтойлуу шарт. *Айыл чарба өркүндөгөн кырдаалда турат* («Советтик Кыргызстан»). *Тажрыйбалуу кызматчы кырдаалды кыйын эсептейт эмеспи* (Каимов).

КЫРДААЛДУУ *сын.* Ыңгайлуу, шарттуу; учуру келип турган, оңтойлуу. *Кырдаалдуу иште өткөзсөң Кыркка чыккан жаш менен* (Тоголок Молдо).

КЫРДАН *этиш.* 1. Кырынан келген абалда болуу. *Ал кырданып жаткан боюнча магдырап көзү илинди* («Ала-Тоо»).

2. Кырынан жыгылуу. *Кыргыздар сайса жөө калмак, Кырданып кетет талп этип* («Эр Табылды»). *Кара калмак балбаны, Кырдана түшүп бадирек, Аяктап тура калганы* («Манас»).

3. *өт.* Бой көтөрүү, менменсинүү, мыктысынуу. *Кыйынсынып кыйкырып кырданганың дуруспу* (Осмонкул). [*Татыбек*] *мурдагыдан бетер кырдана басып дегеле адамды көзүнө илбейт* (Байтемиров).

◆ **Кырданып кетүү** — 1) өлүү, каза болуу; 2) кызматынан түшүп калуу, кызматынан ыргып кетүү.

КЫРДАНТ кырдан этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРДАНУУ кырдан этишинин кыймыл атоочу.

КЫРДАТ кырда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРДАЧ *сын.* Кыр, кырынан келген, жалпак эмес, тигирээк келген. *Кырдач мурун.*

КЫРДОО кырда этишинин кыймыл атоочу.

КЫРДУУ *сын.* 1. Кыры бар. *Кетенчиктей беребиз дешип кырдуу таштан ары кулап түшүштү* (Жантөшев).

2. Көп жактуу. *Айдайдын образы көп кырдуу* («Ала-Тоо»).

КЫРЖЫЙ *этиш.* Абдан арыктоо, өтө эле арык көрүнүштө болуу.

КЫРЖЫЙТ кыржый этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРЖЫЮУ кыржый этишинин кыймыл атоочу.

КЫРК I *сан.* 40 саны, эсеби. *Эр Төштүк аткан бугудан Оң бутка илди бир кыркты, Сол бутка илди бир кыркты* («Эр Төштүк»).

◆ **Кыркын берүү** — кырк күн өткөндө мал союп өлгөн адамды эскерүү. **Кырк чилтен** *к.* **чилтен. Кырк аяк** *к.* **аяк.**

КЫРК II *этиш.* Туурасынан кесип таштоо, жүн сыяктуу нерселерди түбүнөн кесүү. *Чоң араа жок, чочубагын кыркпаймын, Ак балта жок, аныкишен жыкпаймын* (Калык). *Ар бир коюн кырккanda, Төрт жарым кило жүн алган* (Осмонкул).

КЫРКА *сын.* Катар, тизмектешкен, каз катар. *Кырка туруп алып пахта терип жүргөн колхозчулардын орто ченинде Жылдызкан* (Байтемиров). *Башынан мөңгү кетпес кырка тоо* (Каимов).

КЫРКААР I *зат.* Кырка, кыркалай тизилип турган, катар-катар тизилген. *Эң алдында кыркаар тарткан танк* («Ала-Тоо»). — *Жаңы полк! — тизил түптүз! Шаңданып, кыркаар тартып алдыга жүр!* (Турусбеков).

КЫРКААР II *зат.* Кыркылып жаткан жүн. — *О, кыркаар көбөйсүн! — деп, Темиров обочодон айтканда: — Айтканыңыз келсин! — дешип кой кырккандар чуулдашты* (Жантөшев).

КЫРКАЛА: кыркалай коюу *жс* **кыркалай туруу** — кырка тизүү, коюу же катар туруу. [*Уруя*] *дандыр нандан экиүчөөнү чоң-чоң сындырып кыркалай койду* (Байтемиров).

КЫРКАЛАТ кыркала этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРКАЛОО кыркала этишинин кыймыл атоочу.

КЫРКМА *сын.* Кыркылган, уч жагы кыркып тешталган, кыркыла турган. *Акман.. жээрдеги.. дарбазанын оң босогосундагы.. кыркма талга байлоочу* (Сыдыкбеков). *Түгөл.. Васильевдин кыркма мурутунан көзүн айырбай туруп.. сүйлөй баштады* (Бейшеналиев).

КЫРКМАЧЫ *зат.* Койдун жүнүн кыркуучу. *Сакмалчылар үйлөрүнө кайтып, алардын ордуна кыркмачылар пайда болду* (Жантөшев).

КЫРКЫМ кыркын менен бирдей.

КЫРКЫН I *зат.* Койду кыркуу процесси. *Ар бир койдон кыркында, Төрт жарым килден жүн алган* (Үсөнбаев). *Кой кыркыны.*

КЫРКЫН II: кыз-кыркын *к.* **кыз.**

КЫРКЫНЧЫ *сан.* Кыркты иреттик саны.

КЫРКЫРА *этиш.* Алкымынан кырылдаган дабыш чыгаруу, кырылдоо. *Кожожун.. ыңжырланып, кыркырап сүйлөдү* (Сасыкбаев).

КЫРКЫШ кырк этишинин кош мамилеси.

КЫРМА *сын.* Кырып жасалган. *Кырма аяк. Кырма табак.*

КЫРМАН *зат.* Эгин бастыруу үчүн атайы тазаланып жасалган аянт. *Башкарма өзү кырман башында ушинтип демилге берет* (Сыдыкбеков). *Оморбекти кырман тазачысы кылып дайындады* (Баялинов).

◆ **Кызыл кырман** — бышыкчылык болуп, кырманга эгин толуп турган кез. *Жакшы убак.. Кызыл кырман, темин маалы Көңүлдү кубандырып жаңы даны* (Осмонов).

КЫРМАНЧЫ *зат.* Кырманда иштеген киши, кырман кайтарган киши. *Сызгырылып кырманчыга үн кошот Суусу мөңкүп, түйлап жаткан сайдагы* (Маликов). *Кырда жаткан таш элең, Кырманчынын башы элең* (Тоголок Молдо).

ҚЫРМЫЗЫ *сын.* 1. Ачык кызыл. 2. Кызыл жибек. *Кырмызы бычып тон кылган* («Эр Табылды»). *Колхозчунун кызынын кийгендери кырмызы* (Осмонов).

ҚЫРМЫЧЫК *зат.* Көбүнчө сүттү бышырганда казандын түбүнө күйүп калганы. *Асылбек кырмычыкты жакшы көрөт* (Элебаев).

ҚЫРОЙ: кырой-кырой *сырд.* Койду чакырганда колдонулуучу сөз.

ҚЫРОО *зат.* 1. Күн сууктаганда затты (мис., чөптү) каптап калуучу кар сыяктуу жука катмар. *Ак кыроо, буурул бубак жамынган бирөө тоо тараптан келе жатты* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Агаруу, ак түшүү (чач, сакал, мурут жөнүндө). *Капкара мурут сакалым Кыроо түшүп кубарды* (Осмонкул).

◆ **Боз кыроо** *к.* **боз I.**

ҚЫРООЛОН *этиш.* 1. Кыроо каптап калуу, кыроо түшүү, кыроо басуу. *Болор-болбос кыроолонгон көк шибер менен жай басып, сууну көздөй баратты* (Абдумомунов).

2. *өт.* Ак кирүү, агара баштоо (мис., сакал-мурутка). *Сакал, мурут кыроолондуң* (Аалы).

ҚЫРООЛОНТ кыроолон этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫРООЛОНУУ кыроолон этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРС 1. *сын.* Ачуусу чукул, терс кыял, таарынчаак, кыйт этме. *Карыя Алийманын мүнөзүнүн кырс экенин билүүчү* («Жаш ленинчи»). *Сырын чыгара бербеген, кээде кырс эткен терс мүнөздүү* (Сыдыкбеков).

ҚЫРС II *туур.* Тырс эткендей чыккан басынкы туюк дабыш. *Муун-жүүнү кырс-кырс эте баштады* (Сыдыкбеков). *Чигитин кырс эттире тиштеп көрүп, Бир четте пахта жалят картаң Капар* (Абдыраманов).

ҚЫРСТЫҚ *зат.* Кырс мүнөздүүлүк, бат таарынуучулук. *Кырстыгынан кылчайып, Жанына киши барбаса* («Курманбек»).

ҚЫРСЫГУУ кырсык этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРСЫК I *зат.* 1. Күтүүсүздөн болгон жамандык, кыйынчылык. *Оолак болсун оорудан, Кетсин кырсык тооруган* (Осмонов). *Эгер аттардын бири кырсык болуп ылаңдап калса, Сейитказынын ичкен тамагы аш эмес* («Жаш ленинчи»).

2. Кырс мүнөз, терс кыял. *Кырсыгы бар.*

ҚЫРСЫК II *этиш.* Кырс мүнөз көрсөтүү, кырс кыялын карматуу.

ҚЫРСЫКТА *этиш.* Кырсыкка учуроо, оор абалга, кыйынчылыкка туш келүү. *Жакыныңа жат болуп Андай жамандын иши кырсыктайт* (Калык).

ҚЫРСЫКТАТ кырсыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫРСЫКТОО кырсыкта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРСЫКТУУ *сын.* Кырсыгы бар, кесепеттүү.

ҚЫРСЫКЧЫЛ *сын.* Кырсыкка учурагыч, кырсыктан башы чыкпаган.

ҚЫРСЫЛДА *этиш.* Кыре-кырс этүү, кырс-кырс эткен дабыш чыгуу. *Жорголой албай ал кетти, Жол жүрсөм муунум кырсылдап* (Осмонкул).

ҚЫРСЫЛДАТ кырсылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫРСЫЛДОО кырсылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРТ *туур.* Кытыр этип чыккан дабыш, чөптү керте тиштеп чайнагандагыдай чыккан дабыш. *Колхозчулардын бирөөнүн күрөгүнүн учу катуу бир нерсеге кырт этип тийгенин сезди* («САЖИ»). *Койлор кырт-кырт кепшешет* (Убукеев).

ҚЫРТЫЙ *этиш.* Таарына түшүү, таарынып калуу.

ҚЫРТЫЛДА *этиш.* Кырт-кырт этүү, кырт-кырт эткен дабыш чыгуу. *Кыртылдап алыстан дабыш чыккансыды.*

ҚЫРТЫЛДАТ кыртылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫРТЫЛДОО кыртылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРТЫШ *зат.* Үстүнкү катмар. *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жалбырак чыга баштады* (Сыдыкбеков). *Кабырганын кыртышы.*

◆ **Кыртышы сүйбөө** — жактырбоо, жакшы көрбөө. [*Татыбектин*] *дегеле эчтемени кыртышы сүйбөйт* (Байтемиров).

ҚЫРТЫШТУУ *сын.* Кыртышы бар; семиз. *Кара кыртыштуу талаа. Кыртыштуу кабырга.*

ҚЫРТЫЮУ кыртый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРУУ I *зат.* Жээк, кыр, кырбу, курбу. *Башында кыруусу көзүнө түшкөн фуражкасы бар* (Сасыкбаев). *Сакалчан киши калпагынын кыруусуна туруп калган тыпынды какты* (Жантөшев).

ҚЫРУУ II *сырд.* Кулунду чакырууда колдонулат.

ҚЫРУУ III кыр этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫРЧ I *этиш.* Жанча кесүү, жанча кыюу, жанча бөлүү. *Капысынан эле ит башын жулкуйт да,.. оң колунун бармактарын кырча тиштейт* (Абдукаримов).

ҚЫРЧ II *туур.* Эшикти ачканда, карды басканда ж. б. кычыр этип чыккан добуш. *Тоңголок кар.. кырч-кырч этет* (Сасыкбаев).

ҚЫРЧА *зат.* Кичирээк кыр, кыр сымал. [*Каныбек*] *кырчадагы кичинекей таштын түбүнө барды* (Жантөшев). [*Жеңиш*] *кырчага чыкса, жоон топ киши жылкы тосуп жүрөт* («Жаш ленинчи»).

ҚЫРЧАҢГЫ *зат.* 1. Жылкыда боло турган териси жараланып жыдый баштаган кычыштырма оору. *Кышын-жайын семиртип, Жылкыны жакшы баккыла, Кырчаңгы кылып жүдөтпөй* (Үсөнбаев). *Кырчаңгы, арык, ачка эшек кейпи, Кыбырап сылтый басып боз да келди* (Осмонов).

2. *өт.* **Бирөөгө тийише берген, жөн турбай тийишип сөз айта берүүчү.**

ҚЫРЧОО *зат.* 1. Боз үйдүн туурдугунун ортосунан айландыра бастырган

жип. *Ат байланган отуздай Тегерете кырчоодо* (Токтогул). *Кызыл үйдүн кырчоосунда илинген колхоздун кызыл желеги* (Баялинов).

2. Алкак. *Кырчоосун талдан салып, арчадан жасаган эки кичине челек* (Жантөшев).

◆ **Бел кырчоо** — бел, белдин тушу, орто жери. *Бел кырчоого келип калган калың карандыздын арасына отура калды* (Жантөшев).

КЫРЧООЛО *этиш.* Кырчоо тартуу.

КЫРЧООЛОО кырчооло этишинин кыймыл атоочу.

КЫРЧТЫР кырч этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРЧУУ кырч этишинин кыймыл атоочу.

КЫРЧЫЛДА *этиш.* 1. Кырч-кырч этүү, кычыраган үн чыгаруу.

2. Абдан катуу суук болуу. *Андан кийин «үч ай токсон» кырчылдаган кыш дегени бар* (Убукеев).

3. *өт.* Толуп турган кез, жаш кез. *Кырчылдаган жаш кезде.*

КЫРЧЫЛДАТ кырчылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРЧЫЛДАШ кырчылда этишинин кош мамилеси..

КЫРЧЫЛДОО кырчылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫРЧЫН *зат.* 1. Майда жаш бадал. *Төрт салаанын чыгышын калың кырчын каптаган* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Жаш, жаш кез, жаш өспүрүм. *Гүлайым — өмүрдүн он сегизине бет алган кырчын убагы* (Бейшеналиев).

КЫРЫЛ кыр этишинин туюк мамилеси.

КЫРЫЛДА *этиш.* Кыркыраган добуш чыгаруу, кыркыроо. *Кырылдап алсыз үн чыгат, Кылчайып Жапар карады* (Бөкөнбаев).

КЫРЫЛДАТ кырылда этишинин аркылуу мамилеси.

КЫРЫЛДОО кырылда этишинин кыймыл атоочу.

КЫРЫЛЫШ I *зат.* Кыргын, бирин бири өлтүргөн кыргындуу согуш.

КЫРЫЛЫШ II *этиш.* Аябай катуу салгылашуу, кан төгүшүп салгылашуу. *Кырылышкан майдан болуп өткөн жер ушул* (Бөкөнбаев).

КЫРЫЛЫШУУ кырылыш этишинин кыймыл атоочу.

КЫРЫНДЫ *зат.* Кырылгандан чыккан нерсе, кырып алган нерсе.

КЫРЫШ кыр этишинин кош мамилеси.

КЫС *этиш.* 1. Эки жагынан сыга кармоо, бир затты эки нерсенин арасына бекем кыпчуу. *Сагынгандай сүйөп маңдай, Кыстым тааныш колуңду* (Нуркамал). *Такымына кысып алган кетмени гана күнгө чагылышып жалт-жалт этет* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кыйноо, кыстоо. *Бүгүн берип карызга, Эртең тап деп кыспагын* (Осмонкул).

КЫСАП: эсеп-кысап *к.* **эсеп.**

КЫСКА *сын.* Чолок, келте, узун эмес, узак эмес. *Ырас, өмүр кандай кыска, кандай аз* (Осмонов). *Барган сайын жетилүүдө Кырчын талдын кыскасы* (Бөкөнбаев).

◆ **Колу кыска** *к.* **кол I. Тил кыска** — 1) бир нерсе айтууга укугу жок; 2) айтып түшүндүрө албоо.

КЫСКАР *этиш.* 1. Кыска болуу, узак болбоо. *Күн кыскара берди* (Убукеев).

2. *өт.* Азаюу, мурдагыдай болбоо. *Акжалдын каруусу кетип уламдан-улам анын арымы кыскарды* (Жантөшев).

КЫСКАРТ кыскар этишинин аркылуу мамилеси.

КЫСКАРУУ кыскар этишинин кыймыл атоочу.

КЫСКАСЫ *мод.* Кыскача айтканда, жыйынтыктап айтканда. *Кыскасы, өзүң колхоздо бир күн турсаң да,.. бизди жок санатпа элге* (Сыдыкбеков). *Кыскасы, кылмышым жок эле деңизчи* (Жантөшев).

КЫСКАЧА *такт.* Кыска түрдө, узун эмес, кыска гана. *Кыскача кат жазды* (Каимов). *Каттын кыскача мазмуну төмөнкүчө эле* (Сасыкбаев). *Алым эмне үчүн кечиккенинин себебин кыскача айтты* (Жантөшев).

КЫСКЫЧ *зат.* Бир нерсени кысуу үчүн арналган курал.

КЫСМАК *зат.* Кыстоо, кысым. *Кысмакка алуу.*

КЫСТА *этиш.* Кыйын абалга дуушар кылуу, аргасыз кылуу, кыйноо, мажбур кылуу. *Заматта алып өтүп агын суудан, Бар өңдүү арт жагымдан кыстап турган* (Үмөталиев). — *Айганышты кыстаба* (Сыдыкбеков).

КЫСТАЛ кыста этишинин туюк мамилеси.

КЫСТАЛАК *сырд.* Көбүнчө эркектерге карата урушкан учурда айтылуучу сөз. — *Кысталак, бучук! — деди Мансур кызык сөздү таап айткандай* (Сасыкбаев). *Сапар: — Зыкым кысталакты бекер ээртип келген экенбиз.. — деп,.. ээрдин тиштенди* (Бейшеналиев).

КЫСТАЛАҢ *зат.* Кысталыш учур, кыйын абал. *Далилдей албасаңар ушакчы катарында жоопко тартыласыңар, —деп кысталаң кылды* («Советтик Кыргызстан»). *Кысталаң түштү башыма, Калайык, кулак салыңар* («Манас»).

КЫСТАЛЫШ *зат.* Кысталаң, кысталып-кыйналган кыйын учур, кыйын абалда калгандык. *Кытмырдын кыт-кыт күлкүсү, Кыстальш жерде күлкүчү* (Осмонов). *Кыстальш ишке жарайт деп, Ушундай күтүп жүргөн мен элем* («Манас»).

КЫСТАР *этиш.* Илүү, илип коюу. *Баштыкты алып керегенин башына кыстарды* (Жантөшев). *Сайма түрлөп салаага оймок кыстарган* («Ала-Тоо»). *Комузду белиңе кыстарып ал* (Аалы).

КЫСТАРТ кыстар этишинин аркылуу мамилеси.

КЫСТАРУУ кыстар этишинин кыймыл атоочу.

КЫСТАРЫЛ кыстар этишинин туюк мамилеси.

КЫСТАРЫЛУУ *сын.* Кыстарылган, кыстарылып коюлган. *Керегеде кыстарылуу камчылар.*

КЫСТАРЫН кыстар этишинин өздүк мамилеси.

КЫСТАТ кыста этишинин аркылуу мамилеси.

КЫСТОО кыста этишинин кыймыл атоочу.

КЫСТЫГУУ кыстык этишинин кыймыл атоочу.

КЫСТЫК: деми кыстыгуу — аба жетпей муунгансып дем ала албай кыйналуу. *Менин демим кыстыгып бара жатат. Жардам бериңиз* (Жантөшев).

КЫСТЫР *этиш.* Кыпчытуу, кысып коюу, кыстарып коюу.

КЫСТЫРТ кыстыр этишинин аркылуу мамилеси.

КЫСТЫРУУ кыстыр этишинин кыймыл атоочу.

КЫСТЫРЫЛ кыстыр этишинин туюк мамилеси.

КЫСУУ кыс этишинин кыймыл атоочу.

КЫСЫК *зат.* 1. Эки нерсенин аралыгындагы тар жер, кууш жер. *Терең дайра жалама таштуу кысыктан октой атырылып өтөт* («Ала-Тоо»). *— Эмнеси болсо да шашпагыла! Дал ушул кысыкка келишсин, — деди Жолой* (Жантөшев).

2. *геогр.* Арал менен материктин же эки деңиздин арасындагы кууш келген суу мейкиндиги.

КЫСЫЛ кыс этишинин туюк мамилеси.

КЫСЫЛЫШ *зат.* Кысылып кыйналган, сыгылышкан абал, тар жер, учур. *Кысылышта калуу. Кысылыштан чыгуу.*

КЫСЫМ *зат.* 1. Басым. *Кендин кысымы жоон карагайларды.. чамындыдай былчыратып таштады* (Сасыкбаев).

2. Кыстап күч көрсөтүүчүлүк, кыйноо, кысмак. *Эл балага Жаныбек хандын кысымын айтты* («Жомоктор»). *Атка минерлердин кысымы жандарына таш батырды* (Бейшеналиев). [*Мамбеткул*] *досун калайыктын көзүнчө кысымга алганын сезбеди* (Каимов).

КЫСЫМЧЫЛЫК *зат.* Кысталган, кысылган оор абал, кыйынчылык, өп-чап болуп жетишпегендик. *Жазга жуук, март айынын экинчи жарымынан тартып кысымчылык боло баштайт* (Убукеев).

КЫСЫН *этиш.* Тартынуу, батынбоо. *Ачуусу тез кишиден Кысынып турат балалык* (Токтогул). *Кырчылдашар жоо келсе, Кысынбаймын кылчаңдап* («Курманбек»).

КЫСЫНУУ кысын этишинин кыймыл атоочу.

КЫСЫР *сын.* Бооз эмес, туубай калган. *Кысыр уй. Кысыр бээ.*

◆ **Кысыр калды** — эки жашка караган төлдөй элек кой. *— Ашырдын кайтарганы жалаң гана кысыр калды (койлор)* (Жантөшев). **Кысыр эмди** *к.* **эмди. Кысыр аңыз** — көптөн бери айдалбаган жер. *Буулантма айдала турган кысыр аңызды айдата бергенбиз* (Убукеев).

КЫСЫРАК *зат.* Жаңыдан үйүргө кошулган кулундай элек байтал бээ. *Кысыр эмди, кысырак — Бээ сойдуруп аламын* («Курманбек»). *Кысыракты кулундай, Жайы, кышы байлаган* («Мендирман»).

КЫТ I *зат.* Сакага, чүкөгө куюлган коргошун. *Кыт куюлган сака.*

◆ **Кыт куйгандай** — оор, чымыр, салмактуу. *Эзрге олтурушу кыт куйгандай бекем* (Сыдыкбеков).

КЫТ II *этиш.* 1. Катуу, көрсөтпөө, жашыруу. *Ысык-көл буу чыгарып, болукшуду, Тереңде күрөш күчүн турган кытып* (Турусбеков).

2. Уурдоо, кымтып алуу, жымырып алуу.

КЫТ III: кыт-кыт күлүү — акырын, анчалык катуу эмес күлүү, күлкүсү созулбай бөлүнө-бөлүнө чыгуу. *Зарыл эненин кебине кыт-кыт күлөт* (Сыдыкбеков). *Кандайча тааныбайсың.. деген кезде, Бүбүшжан кыт-кыт күлөт бетин чымчып* (Осмонов).

КЫТАН: көк кытан, ак кытан—узун буттуу, узун тумшуктуу, моюну узун саз канаттуулары.

КЫТАТ *зат.* 1. Кара боёк.

2. *өт.* Капкара. *Окшош кылып күзөгөн Кытат кара чачтары* (Аалы).

КЫТАТТА *этиш.* Кытатка боёо, капкара кылуу (мис., чачты, мурутту).

КЫТАТТАТ кытатта этишинин аркылуу мамилеси.

КЫТАТТОО кытатта этишинин кыймыл атоочу.

КЫТКЫЛЫКТА *этиш.* Кыт-кыт күлүү. *Келин кыткылыктап дагы күлдү* (Аалы). *Итикенин кыткылыктаган күлкүсү чыкты* (Убукеев).

КЫТКЫЛЫКТОО кыткылыкта этишинин кыймыл атоочу.

КЫТМЫР *сын.* Куу, митайым. *Арамдык, кытмыр кыял, көрө албастык Өзүңдү өйдөлөтпөй тартар артка* (Осмонов). [*Капсалаң*] *кытылдап кытмыр күлгөн болду* (Бейшеналиев).

КЫТМЫРДЫК *зат.* Куулук, митайымдык. *Бар экен го, Чүрөгүм, Кытмырдыгың ичиңде!* («Семетей»).

КЫТЫ I: кыт II менен бирдей.

КЫТЫ II: кыты-кыты *сырд.* Бирөөнү күлдүрүү үчүн колу менен кытыгылаганда айтылуучу сөз. *Кайран жеңемдин кытыгысы жазылар бекен, кыты-кыты* (Маликов).

КЫТЫГЫ *зат.* Көбүнчө колтукка, таманга, тамакка башка бирөөнүн колу тийгенде күлкү келүүчү сезим. *Кытыгың бар экен ээ?! — Бегимов.. күлдү* (Сасыкбаев). *Алда, карындаш ай, кытыгымды келтирбечи* («Ала-Тоо»).

КЫТЫГЫЛА *этиш.* 1. Кытыгысын келтирүү. *Бир оокумда бирөө бетимди кытыгылагансыйт* (Аалы). *Кыюун таап кезинде Кытыгылап каласың* (Осмонкул).

2. *өт.* Сезимди эргитүү, ойготуу, толкундатуу. *Кытыгылап кыялды Ырдагымды келтирет* (Үмөталиев). *Макташып сулуулукту акын куштар, Санааны кытыгылап сайрап жатты* (Турусбеков).

ҚЫТЫГЫЛАШ кытыгыла этишинин кош мамилеси.

ҚЫТЫГЫЛОО кытыгыла этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫТЫЙ *этиш.* Кылыксынуу, уялуу. *Кыргыек куштай кытыйып, Кыз кылыктуу болуучу* («САЖИ»).

ҚЫТЫЛДА *этиш.* Кыт-кыт этип күлүү, кыткылыктоо. *Надя көзүн үлүңдөтүп кытылдады* (Бейшеналиев). *Капсалаң.. кытылдап күлдү* (Бейшеналиев).

ҚЫТЫЛДАТ кытылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫТЫЛДОО кытылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫТЫР I *сын.* Катуу, оор, тыкыр. *Сенин адресиңе айтылган сынды кытыр көрбөгүн* (Бейшеналиев). *Кокус кытыр сөз айтып жиберемби деп* [*Шарип*] *сактанат* (Бейшеналиев).

ҚЫТЫР II *туур.* Катуу нерсенин (мис., темирдин) ташка тийип сүрүлүүсүнөн же майдалап кемирүүдөн чыккан сыяктуу дабыш.

ҚЫТЫРА *этиш.* Кытыр-кытыр этүү. [*Кытмырдын ичинде*] *кытыраган ташы бар, кыйын болсо бир табак* (Осмонов). *Кычандын кайраттуу чачы кытырап мокок устарага күч менен баш ийүүдө* (Бейшеналиев).

ҚЫТЫРАК *сын.* Кытырап турган. *Кытырак боорсок.*

ҚЫТЫРАТ кытыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫТЫРОО кытыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫТЫЮУ кытый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЧА *этиш.* Күчөө, ого бетер күчөө, кычаштык кылуу. *Жумуш күчөп турганда, жанагы Сатардын саякат деп кычаганы жакшыбы?* (Таштемиров). *Суук шамал нымдуу кар бир жагынан кычап, жерди ылайлады* (Сасыкбаев).

ҚЫЧАШТЫК *зат.* Ыгы жок тийиштик, кошо жарышып күчөгөндүк. *Кычаштык кылып, Каныш ага көп асылат* (Убукеев).

ҚЫЧҚАЧ *зат.* Чокту, чычаланы, ысык темирди ж. б. кыпчып кармоо үчүн ылайыкталып темирден жасалган курал. *Энеси эңкейип жерден кычкач алды* (Бейшеналиев). *Клименко очоктогу кызарган темирди кычкач менен кармап алды да, чоң дөңгө тосо берди* (Сасыкбаев).

ҚЫЧҚЫЛ *сын.* Ачкыл. [*Алма*] *бирде кымызга окшоп кычкыл болсо, бирде бал татыйт* (Байтемиров). [*Гүлайымдын*] *көңүлү кандайдыр бир кычкыл нерсени тилегенсийт* (Абдукаримов).

ҚЫЧҚЫЛДАН *этиш.* Ачып чыгуу, ачуу.

ҚЫЧҚЫЛТЕК *зат. эс.* **Кислород.**

ҚЫЧОО кыча этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЧУУ: кычуусу кануу — моокуму кануу, канааттануу. *Чукуй айтылган сөзгө кычуусу канган.. [студенттер] жер тепкилеп, күлкүнү ого бетер коштошту* (Бейшеналиев).

ҚЫЧЫ I *зат.* 1. Сары гүлдүү, уругунан май чыгарылуучу өсүмдүк.

2. Эгиндин арасына чыгуучу сары гүлдүү отоо чөп. *Айдалбаган аянтка сары кычы өскөн.*

ҚЫЧЫ II *зат.* Колду, бутту, денени баскан калың кир. *Бүткөн бой кычы, карачы, Терге бою жешилип* (Токтогул).

ҚЫЧЫ III *сын.* Чыр, жаңжалчыл, чатак. *Кычы сөз издеп чукулап, Эл көп жерде кутурат* (Шүкүрбеков).

ҚЫЧЫК I *зат.* Эки нерсенин кошулган көңдөй жери, бурчу, чети; коңулта жер. *Бектур колун чоң эшиктин кычыгына салып, тээкти чыгарды да ээн бөлмөгө кирди* (Сасыкбаев).

ҚЫЧЫК II: кычык сүйлөө — тийиштик кылуу, бирөөнүн ачуусун келтирип сүйлөө, бирөөнү какшыктап, тийише сүйлөө. *Өмүрбек да тигинин шылдың аралаш тамашасына карата кычык сүйлөдү* (Байтемиров). **Кычыгына тийүү** — ачуусуна тийүү, кыжырын келтирүү, жинине тийүү. *Тамаша иретинде бири-биринин кычыгына тийип, кызыраңдап алышчу* (Сасыкбаев).

ҚЫЧЫЛА *этиш.* Чыр кылуу, кычы сөз айтуу, чыр салуу. *Ашуу ашып, ар жакка биз өтөр кезде, Өткөзбөй.. кароол кычылады* («Жазгыч акындар»).

ҚЫЧЫЛАШ *этиш.* Чыр чыгаруу, чырдашып айтышуу, кычы сөз айтып чатакташуу.

ҚЫЧЫЛАШУУ кычылаш этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЧЫЛОО кычыла этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЧЫЛУУ *сын.* Абдан кир, кычы баскан. *Кычылуу кол.*

ҚЫЧЫР *туур.* Каалганын сүрүлө жабылышынан, катуу нерселердин сүрүлүшүнөн ж. б. келип чыккан сыяктуу дабыш. *Камканын үйүнүн эшиги кычыр этип ачылып кетти* (Сыдыкбеков). *Керебет кычыр эткен сайын жүрөгү зырп дей түшөт* («Ала-Тоо»).

ҚЫЧЫРА *этиш.* Кычыр эткен дабыш чыгуу. *Аттын туягынан кычыраган дабыш алда кайда угулат* (Бейшеналиев).

◆ **Кычыраган суук** — катуу суук. *Кычыраган кышкы суукта.. асманга түйүлгөн азоолорду боолук салдырып карматып үйрөттү* (Бейшеналиев).

ҚЫЧЫРАТ кычыра этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЧЫРОО кычыра этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЧЫТҚЫ: кычыткы сөз — тийише айтылган сөз, кычык сөз. *Чынында мунусу алардын ортосун кошуу эмес, ачуу үчүн айтылган кычыткы сөз* (Каимов).

ҚЫЧЫШ *этиш.* Денеңин бир жери козуп дүүлүгүү. *Шабыраалынын алаканы кычыша түштү* (Байтемиров).

◆ **Көзү кычышуу** — өтө кызыгуу, сүктануу. *Колуна араа кармаган кишини көрсөм көзүм кычышат* (Сыдыкбеков).

ҚЫЧЫШТЫР кычыш этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЧЫШУУ кычыш этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫШ I *зат.* Ылайга топон же саман кошулуп жасалган кирпич. *Кыш куюу маселеси чечилди, малчылар өзүбүз куябыз деп милдеттенме алышыптыр* (Байтемиров).

ҚЫШ II *зат.* Жылдын күздөн кийин келүүчү суук мезгили. *Кыш өкүмү баскан менен кырларды, Колхозчуда токчулуктун жыргалы* (Осмонов). *Жылуу кийим калдайлы, Кыш мезгилде киерге* (Тоголок Молдо).

◆ **Жайы-кышы** — жыл бою. *Жайы-кышы бирдей салкын абада чымыр өскөн* (Сыдыкбеков).

ҚЫШ: III кыш-кыш *туур.* Демигип, көкүрөк кирилдегенде чыккан сыяктуу дабыш. *Онтолой басып, үшкүрө-бышкыра кыш-кыш этишет* (Убукеев).

ҚЫШҚЫ *сын.* Кышындагы, кыш мезгилиндеги. *Эркелеп салкынырааак закым жүрүп, Чыкыроон кышкы суукта болду карып* (Турусбеков). *Ай нурунда кышкы түн —Айран төгүп койгондой* (Аалы).

ҚЫШҚЫСЫН *такт.* Кышында кыш бою, кыш мезгилинде.

ҚЫШТА *этиш.* Кышты бир жерде өткөрүү. *Кыштооңордо кыштай бергиле* (Сыдыкбеков). *Колхозчунун дасторкону жайылуу, Кыштаса да өзүң өңдүү шайырга* (Осмонкул).

ҚЫШТАК *зат.* Анчалык көп эмес калк отурукташкан айыл, эл орношкон пункт. *Кыштак чакан шаарга айланган* (Сыдыкбеков). *Тетиги жашыл даракка Чөмүлгөн колхоз кыштагы* (Аалы).

ҚЫШТАКТАШ I *сын.* Кыштагы бирге, бир кыштактан, айылдаш.

ҚЫШТАКТАШ II *этиш.* Кыштак салып отурукташуу. *Кечээ көчмөн айылым Кыштакташып жаңырган* (Бөкөнбаев). *Анда эл колхоздошкон менен кыштакташа элек убак* (Каимов).

ҚЫШТАКТАШУУ кыштакташ этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫШТАТ кышта этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫШТОО I *зат.* Кышында кыштай турган жер. *Кара-Көл —жайында жайлоо, кышында кыштоо* (Каимов). *Эл жайлоодон кайра тартып, кыштоолорго жакындаган кез* (Бөкөнбаев).

ҚЫШТОО II кышта этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫШТЫК *сын.* Кышында пайдаланылуучу, кыш мезгилине таандык. *Кыштык кийим. Кыштык отун.*

ҚЫШЫЛДА *этиш.* Кыш-кыш этүү, демигип кыш-кыш этүү. *Кыпчы күйрук, жылкычы чымчыктар.. кышылдаган үнүптөр пайда болду* («Жаш ленинчи»). *Чоң Көйчу кышылдап калгандыктан дароо жоол кайтара албады* (Жантөшев).

ҚЫШЫЛДАТ кышылда этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫШЫЛДОО кышылда этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫШЫН: кышын-жайын — жыл бою. *Кышын-жайын семиртип, Жылкыны жакшы баккыла* (Үсөнбаев). *Токсон көйдү бир көйчу Кышын-жайын каптарчу* (Борбугулов).

ҚЫЮУ I *зат.* 1. Төшөктүн, жууркандын, калпактын четине кармалуучу тилке. *Макмал кыюу ак калпак, Жанында турган жигитти Ыргыт деди башыңдан* (Тоголок Молдо).

2. Кандайдыр бир иштин, сөздүн ж. б. ылайыктуу учуру, ыгы . *Ошонун баарынын кыюусун көлтирген Ашым балаңыз болуп жүрбөсүн* (Каимов). *Кыюусу келсе сөзүңдүн, Кезектүү кептен уялба* (Токтогул).

ҚЫЮУ II кый этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЮУЛА *этиш.* Бир нерсенин четине (төшөктүн, калпактын ж. б.) кездемеден кыюу салуу. *Жаңылап кара чий баркыттан көрпөчө тигип, жээгин кыюулап, татынакай тердик жасап берди* («Ала-Тоо»).

ҚЫЮУЛАТ кыюула этишинин аркылуу мамилеси.

ҚЫЮУЛОО кыюула этишинин кыймыл атоочу.

ҚЫЯ *зат.* 1. Тоонун жантайган боору, тике болбой кыйгачтай кеткен эңкейиш. *Аркар, кулжа кайберен, Аралап бийик кыядан* (Нуркамал).

2. Тике же түз эмес, кыйгач абал. *Кылычты кыя байланып* («Манас»). *Калый Малиновскийди кыя карап күбүрөдү* (Сасыкбаев). *Кыя салып өтөмүн Кыз-Жайлоонун кашынан* (Тоголок Молдо).

◆ **Кыя-чие** — каршы-терши, кайчылашкан. *Кыя-чие зымырылган машиналар* («Советтик Кыргызстан»). [*Даша*] *азыр кыя-чие болгон темир жолдун үстүндө турат* (Сасыкбаев). **Кыя тап** — абдан табына келген. *Кыя тап келген күлүктөр, Чуркабай карап турабы* («Эр Табылды»). **Төө кыядан өткөн соң** — иш бүткөндөн кийин, болору болгон соң, иштин учуру, мезгили өтүп кеткенден кийин. **Астынан кыя баспоо** *же* **кыя өтпөө** — абдан сыйлоо, баш ийип урматтоо. *Кыя баспай алдыңдан Кол куушуруп турайын* (Жантөшев). [*Эркекыз*] *астыңдан кыя өтпөйт го .. апа деп делбиреп турат го* (Байтемиров). . **Кыя өткөрбөө** *же* **кыя кетирбөө** — өткөрүп жибербөө, абдан көңүл бөлүү, дит коюу, байкап, сезип калуу. *Эркекыздын кыраакы сезими муну кыя өткөрбөдү* (Байтемиров). *Бирок анын сырын аялы кыя кетирбейт эмеспи* (Байтемиров).

ҚЫЯЗЫ *мод.* Сыягы, кебетеси, болжолу. *Кыязы, уулу Эркинбек бүгүн үйгө келбеген өңдүү* («Ала-Тоо»).

ҚЫЯК I *зат.* 1. Эки жагында клавиатуралары, ортосунда көрүк сыяктанып бүкмөлөнтүп жасалган бөлүгү бар, абанын жардамы менен ойнолуучу музыкалык инструмент, гармонь. *Комузун чертип окшотуп, кыягын тартып боздотуп* (Тоголок Молдо).

2. Кээде гармонь, кыл кыяк, ооз кыяк дегендин ордуна колдонулуучу жалпы сөз.

◆ **Кыл кыяк** — кылы жылкынын туу куйругунан жасалган, кылдуу таякча менен ойнолуучу скрипка сыяктуу музыкалык инструмент. **Ооз кыяк** — үйлөө аркылуу күүлөр ойнолуучу кичинекей музыкалык инструмент.

КЫЯК II *зат.* Узун ичке жалбыракту, эгер жалбырагын жогору жагынан төмөн карай сыдырса, колду тилип кетүүчү чөп өсүмдүгү. *Кара кыяк, бетеге Тукабадай кулпунган* (Барпы).

КЫЯКЧЫ *зат.* Кыякта ойноочу киши. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы,чоорчу экен* (Жантөшев). *Кыякчыбыз Бондарев сонун күүлөрдү тартат* (Сасыкбаев).

КЫЯЛ *зат.* 1. Ойлогон ой; тилек кылган, эңсеген ой; фантазия. *Ташыган дарыядай кыял чиркин Отуруп ойго кеттим түркүн-түркүн* (Бөкөнбаев). *Таттуу кыялына алданган Зарыл.. арыкты бойлой басты* (Сыдыкбеков). *Коммунизм — алыскы кыял эмес* («Коммунист»).

2. Мүнөз. *Жинди кыял көпкөн эр, Жатып ойлоп бүткөн эр* («Семетей»).

3. Оюунун бир түрү. *Узук менен жабык баш, Баарысын кыял ойдурган* (Тоголок Молдо). *Кыл кыял чаап чийдирген, Чагарагын алтын сомдогон* («Манас»).

◆ **Жылкы кыял** — мүнөзү терс, тумшугу менен бир тийген, чырт дей түшмө.

КЫЯЛА *этиш.* Кыя жол менен жүрүү, жантайма бет менен кыйгачтай жүрүү. *Кыялап борчук жол менен, Кырк чамалуу кол менен* («Эр Табылды»). *Ар жерден боз үйлөрдү көзүң чалат, Кыялап машинада бара жатсаң* (Шүкүрбеков).

КЫЯЛДАН I *этиш.* 1. Терең ойго чөмүлүү, кыялга батуу. *Жер тиктеп көпкө турдум айран калып, Түбү жок ойго батып, кыялданып* (Осмонов). *Кызык көп кыялданып карап турсам* (Турусбеков).

2. Ой кылуу, ойго келүү. *Бүгүн да ошол сөздү улантууга кыялданып келатам* (Байтемиров). *Агай менен чоң балдар мени ээрчитпеске кыялданышты* (Таштемиров).

КЫЯЛДАН II *этиш.*, Кыял күтүү, мүнөз көрсөтүү. *Кыялданып сүйлөсө, Кырчындай жаштар кызыгып* (Токтогул). *Кыялданып келчи элең, Күзгүгө чачың тараның* («Кыргыз фольклору»).

КЫЯЛДАНТ кыялдан этишинин аркылуу мамилеси.

КЫЯЛДАНУУ кыялдан этишинин кыймыл-атоочу.

КЫЯЛДУУ *сын.* 1. Кыялга баткан, ойго баткан, ойлуу. *Кыялдуу сасык туман ойду жеңип, Коштошуу сөзүн айтты колун берип* (Турусбеков).

2. Мүнөздүү, мүнөзү бар. *Жарыктык бир кыялдуу ата — Миңбай, Көз ирмеп башка жакка көңүл бурбай* (Абдыраманов).

КЫЯЛУУ *сын.* Кыясы бар, кыя жердүү. *Нечендер жүргөн кыйналып Кыялуу жолдун тарынан* (Барпы).

КЫЯМАТ *зат.* 1. Дин түшүнүгү боюнча: өлгөн адам кайра тирилгенде кыйнай турган жер; тиги дүйнө. *Кыямат жолун көздөгөн. Кыргызда сопу-калпанын, Анда, Токо, кыймылдайбы чокусу?* (Токтогул).

2. *өт.* Азап, кыйынчылык. *Байкаган жок Мендирман Кыямат болуп жатканын* («Мендирман»). *Кыямат түшүп башыма — Токоң карып кеткен болучу* (Токтогул).

◆ **Кыямат жолдош** — түбөлүк жолдош, түбөлүк дос. *Артыкча тулпар мал экен, Адамча сүйлөп Чалкуйрук, Элемандын Төштүккө Кыямат жолдош мал экен* («Эр Төштүк»).

КЫЯМАТТЫК *сын.* 1. Кыяматка таандык, кыяматта болуучу (1-маанисинде).

2. *өт.* Түбөлүк, кандай кыйынчылык болсо да чыдай турган. *Алп каракуш зор кушка Кыяматтык дос болуп* («Эр Төштүк»).

КЫЯН *зат.* Жамгыр нөшөрлөп жаганда жүрүүчү сел. *Тар капчыгайда кыян жүрсө аска кулап, таш басып калышы мүмкүн* (Сасыкбаев). *Балгарттын суусу кириптир, Башынан кыян жүрүптүр* («Эр Табылды»).

◆ **Кыян-кески** — кыйды, митаам, шылуун. «*Кылгыйма*», «*кыян-кески*» *бир макалда Экөө тең текши жүрөт бир катарда* (Тоголок Молдо). *Кыян-кески Чалкалмак Кыядан жолду тосконбу* («Эр Табылды»).

КЫЯНАТ *зат.* Бирөөгө карата жаман ой менен кылынган иш, тоскоолдук. *Ак пейилдүү азамат, Адамга кылбайт кыянат* (Токтогул). *Мен курбума ыраазымын, ак көңүл, эч бир жанга кыянатын көрбөдүм* (Аалы).

КЫЯНАТТУУ *сын.* Жамандык издеген, кара санатай. *Кыяпатты жана айтат, «Кыянаттуу капыр» деп* (Тоголок Молдо).

КЫЯНАТТЫК *зат.* Кара санатайлык, бирөөгө жакшылык кылбагандык, кыянат кылгандык. *Өзү эле ушундай кыянаттыгы менен жаман көрүнөт* (Каимов). *Асылжанга шык берүүнүн ордуна, Бөөдө бизге кыянаттык кыласыз* (Осмонкул).

КЫЯНАТЧЫ *зат.* Бирөөгө кыянат кылуучу, жаман ойлуу, кара санатай. *Мектептин дубалы ураса же багы куураса көрүшүп бериңиз. Антпесеңиз кыянатчысыз* (Сыдыкбеков).

КЫЯНАТЧЫЛ *сын.* Кыянаттуу, кыянат кылууну жакшы көргөн. *Кыянатчыл кырк чоро Аянбай чырды баштады* («Семетей»).

КЫЯНАТЧЫЛЫК *зат.* Кыянат кылуучулук, кыянат көрсөтүүчүлүк, кара санатайлык. *Адамдын асылы бирөөнүн өмүрүнө кыянатчылык кылбайт* (Сыдыкбеков). *Эң мурун эле кызыл аскерге жаңыдан киргенде берген антты бузуу — элдин өмүрүнө, жердин көркүнө кыянатчылык кылгандык* (Бөкөнбаев).

КЫЯП *зат.* 1. Тап. *Куш кыябына келди.*

2. Эп, ык, ыңтай, оңтой, арга, амал, айла. *Кай бир иш өз кыябына келмейинче, жашыруун болушу да мүмкүн* (Жантөшев). *Кыябын таап, ал-жайды сурашууга дити барбайт* («Ала-Тоо»).

КЫЯПАТ *зат.* Түр, көрүнүш. *Саламаткандын кыяпатын Анархан байкабады*

(Жантөшев). *Марк Соломонович.. Бугимовдун.. кыяпатына алдыртан көз чаптырды* (Сасыкбаев).

ҚЫЯР I *зат.* Куу, митаам, арамза. *Ар башка ар адамда ар кыл кыял, Бирөө куу, бирөө момун, бирөө кыяр* (Осмонов).

ҚЫЯР II *этиш.* Бир аз кызара, өңү бурула баштоо. *Кыярып бышкан ак эгин* (Осмонов).

ҚЫЯРУУ кыяр II этишинин кыймыл атоочу.

ҚЭЭ I *зат.* Кесир; жин. *Балам мунун кээ болор. Тийип алат бээңди, Чыгарып кетет бул жетим Капкайдагы кээңди* («Семетей»).

ҚЭЭ II *ат.* Айрым, кайсы бир. *Ошентсе да кээ кыздарча, Гүлнарга калганда, улуусунуп мүнөз күтүүчү эмес* (Сыдыкбеков).

◆ **Кээ бир** — айрым бир, кайсы бир. **Кээ бирде** — кээде, айрым учурларда. **Кээ бирөө** — айрым адамдар, кайсы бир адамдар.

ҚЭЭДЕ *такт.* Айрым учурда, кээ бир учурларда, кайсы бир убакта. [*Омор*] *кээде топ эткизип санын чаап коёт* (Сыдыкбеков). *Ысык-Көл кээде жымжырт, кээде толкун, Толкуса толкунуна тең ортокмун* (Осмонов).

ҚЭЭР I *зат.* Салака, таасир, калдык. *Ачуунун кээри менен оозуңузга келгенди айтып жатасыз* (Каимов). *Кабыргага таштай баткан жокчулуктун кээри бат кете койбосо да, кеңчилик берешен колун энеге да сунду* (Касымбеков).

◆ **Кээри кетүү** — берекеси кетүү, куту кетүү. *Үч күндөн бери администрациянын да кээри кетти* (Сасыкбаев).

ҚЭЭР II *зат.* Кекээр, кекээрлүү, какшыктуу сөз.

ҚЭЭРДЕ *этиш.* Кээр сөз айтуу, какшыктоо. *Жайлоо советинин өкүмү аны [Базарбекти] дагы кээрдеди* (Каимов). *Эшегин токуп ээрдеп, Энесин тилдеп кээрдеп* (Тоголок Молдо).

ҚЭЭРДҮҮ *сын.* Кээр сөздүү, какшыктуу. *Ракым Оторович кээрдүү сүйлөдү* («Ала-Тоо»).

КЮВЕТ *зат.* Жолдун эки жанындагы аң.

Л

ЛАА *туурасы:* **ылаа.**

ЛААҢЫ *туурасы:* **ылаажы.**

ЛААНАТ *туурасы:* **наалат.**

ЛААЧЫН *туурасы:* **ылаачын.**

ЛАБОРАНТ *зат.* Илим-изилдөө мекемелеринде, лабораторияларда тажрыйба иши үчүн жүргүзүүчү илимий-техникалык кызматкер.

ЛАБОРАТОРИЯ *зат.* Эксперименталдык илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүчү мекеме же анын бөлүмү, ошондой эле илимий, техникалык ж. б. тажрыйбаларды жүргүзүү үчүн ылайыкталып жабдылган үй, жай. *Химиялык лаборатория. Поликлиниканын алдындагы лаборатория.*

ЛАБОРАТОРИЯЛЫК *сын.* Лабораторияга таандык; лабораторияда иштелүүчү. *Лабораториялык аппараттар. Лабораториялык иштер.*

ЛАВА I *зат.* Вулкан атылган кезде чыгуучу ысык масса.

ЛАВА II *зат.* Көмүр же башка пайдалуу кендер казылып алынуучу забой. *Биз лавага кен ураткаңы баратканбыз жокпуз* (Сасыкбаев).

ЛАВКА I *зат.* Чоң скамейка.

ЛАВКА II *зат.* Кичирээк дүкөн, кичирээк соода жайы.

ЛАГЕРЬ *зат.* **1.** Аскерлердин эл жашаган жерден окчун жайгашкан убактылуу жайы.

2. Убактылуу туруучу жай. *Туристтик лагерь.*

3. Согуш туткундарын, кылмыштууларды кармап туруучу атайын жай. *Согуш туткундарынын лагери.*

4. *өт.* Коомдук-саясий топ; агым, багыт. *Тынчтыктын, демократиянын жана социализмдин лагери.*

◆ **Пионер лагери** — СССРде пионерлер жана мектеп балдары үчүн уюштурулган ден соолукту чыңдоо, тарбиялоо жайы, мекемеси.

ЛАЗАРЕТ *зат.* Аскер бөлүгүнө караштуу кичирээк дарылоо мекемеси. — *Мына бул адамдарды азыр лазаретке жеткир, — деди машинист* (Абдукаримов).

ЛАЙЫК *туурасы:* **ылайык.**

ЛАК *зат.* Жылтырак түс берүү үчүн спирт, скипидар же май кошулуп жасалган чайырдын эриндиси.

ЛАК лак-лак этүү — жүрөк дүк-дүк этип, канды үрөп катуу согуу. *Кыздын жүрөгү туйлап лак-лак согот* (Айтматов).

ЛАКАП *туурасы:* **ылакап.**

ЛАКТА *этиш.* Лак менен боёо, лак жабуу.

ЛАКТОО лакта этишинин кыймыл атоочу.

ЛАҚЫЙ *этиш.* Чоң, толук болуп көрүнүү. *Мансурдун лакыйган кең ийни баарынан жогору чыгып турат* (Сасыкбаев).

ЛАҚЫЛДА *этиш.* **1.** Жүрөк канды үрөп катуу согуу, лак-лак этүү. *Чалгыттап буту баса албай, Апкаарып жүрөк лакылдайт* (Жантөшев).

2. Жанын үрөп катуу басуу, иштөө ж. б. *Баарынан мурда лакылдап Андрей келди* (Сасыкбаев).

ЛАҚЫЛДАТ лакылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЛАҚЫЛДОО лакылда этишинин кыймыл атоочу.

ЛАМ: лам дебестен — ооз ачпастан, унчукпастан, бир ооз да сөз айтпастан. *Шамбет лам дебестен күүсүн чертип болду* (Сыдыкбеков).

ЛАМПА *зат.* Ар түрдүү формада жана түзүлүштө жасалган жарык берүүчү прибор. *Ортодо онунчу лампа алоолонуп жарык себүүдө* (Сыдыкбеков). *Электр лампасы.*

◆**Лампа май** — керосин.

ЛАМПУК *зат.* Тыш кийим үчүн колдонулуучу кездеменин бир түрү.

ЛАНДШАФТ *зат.* Жер бетинин жалпы көрүнүшү: пейзаж.

ЛАНЦЕТ *зат.* Уч жагы эки миздүү бычак кебетеленип кеткен хирургиялык инструмент.

ЛАП: лап-лап этүү *же* **лап этүү** — чоң-чоң болуп кардын түшүшүн же бир нерсени жалпы, жапырт басып калышын, каптап калышын билдирүү үчүн колдонулат. *Коргошундай сур булуттар үйгутуйгу сүрүлүп, Ак-Шыйрактын чокусун лап дегизе басты* (Абдумомунов).

ЛАППАЙ *бөл. диал.* Даяр тургандыгын, дилгир экендигин билдирүү иретинде айтылуучу сөз. — *Навойчи аке!* — *Лаппай.* — *Нан бериң* (Жантөшев). *Иманахун эч кандай жыныштан баш тартпай иштей берет. Лаппай деп гана турат* (Абдукаримов).

ЛАПШЫ *этиш.* Дөөрүү, орунсуз сүйлөө, тантыроо. *Лапшып сүйлөө.*

ЛАПЫЛДА *этиш.* 1. Алоолонуу, жалындоо, жалындап күйүү (мис., от). *Лапылдап күйүп жаткан от.*

2. Абдан ысык тап чыгуу, ысып кетүү. *Фабрикаңын цехи лапылдап ысык* (Сасыкбаев).

3. Калың жаап, кар чоң-чоң болуп түшүү. *Бирде лапылдап кар жааса, бирде бороон ызылдайт* (Абдумомунов).

ЛАПЫЛДАТ лапылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЛАПЫЛДОО лапылда этишинин кыймыл атоочу.

ЛАРЕК *зат.* Өнөр-жай жана азык-түлүк товарларын сатуучу кичине дүкөн.

ЛАСТИК *зат.* Бет жагы жалтырак келген, көбүнчө кийимге ич кылуу үчүн колдонулуучу кездеме.

ЛАУРЕАТ *зат.* Илим, искусство, эл чарбачылыгы ж. б. жагынан сиңирген көрүнүктүү эмгеги үчүн берилүүчү наам жана ошол наамга ээ болгон адам.

ЛЕГАЛДУУ *сын.* Закон тарабынан руксат кылынган, закон тарабынан тааныл-ган. *Легалдуу уюм. Легалдуу газета.*

ЛЕГАЛДУУЛУК *зат.* Закон жүзүндө руксат кылынгандык, законго ылайыктуулук.

ЛЕГАЛДЫК легалдуу менен бирдей.

ЛЕГЕНДА *зат.* Турмушта болгон окуянын, элдик уламыштардын негизинде келип чыккан фантастикалык аңгеме, аңыз сөз. *Каныбек жөнүндө кайдагы бир легендаларды айтышат* (Жантөшев).

ЛЕГЕНДАРЛЫК *сын.* Легендага негизделген, легенда болуп кеткен. *Легендарлык баатыр. Легендарлык поэма.*

ЛЕГИОН *зат.* 1. *тар.* Байыркы Римдеги ири аскердик бөлүк.

2. Кээ бир өлкөлөрдөгү атайын аскердик бөлүктөрдүн аты.

ЛЕГИОНЕР *зат.* Легиондун солдаты, жоокер.

ЛЕЙБОРИСТ *зат. саяс.* Реформисттик саясатты колдогон англиялык жумушчу партиясынын мүчөсү.

ЛЕЙТЕНАНТ *зат.* Армияда, флотто кенже лейтенанттан жогорку офицердик наам жана ошол наамды алган адам.

◆**Кенже лейтенант**—кенже офицерлик төмөнкү наам жана ошол наамды алган адам. **Старший лейтенант** — лейтенанттан жогорку офицерлик наам жана ошол наамды алган адам.

ЛЕК: лек-лек этүү — лекилдөө, дикдик этүү (мис., басканда), жорткондой абалда болуу.

ЛЕКИЛДЕ *этиш.* Декилдөө, шашып дикилдей басуу, лек-лек этүү. [*Аттар*] *чү-чүлөп камчы чабылганда гана лекилдеп басып, бир аздан кийин кайра илкишет* (Каимов).

ЛЕКЛЕК *туурасы:* **илегилек.**

ЛЕКСИКА *зат.* Белгилүү бир тилдеги же диалектидеги сөздердүн жыйындысы; кандайдыр бир жазуучунун чыгармасынын сөздүк составы.

ЛЕКСИКОГРАФ *зат.* Лексикография боюнча специалист.

ЛЕКСИКОГРАФИЯ *зат. лингв.* Сөздүктөрдү түзүүнүн теориясы менен практикасы.

ЛЕКСИКОЛОГ *зат.* Лексикология жагынан специалист.

ЛЕКСИКОЛОГИЯ *зат. лингв.* Тил илиминин лексикасын изилдөөчү бөлүгү.

ЛЕКТОР *зат.* Лекция окуучу киши.

ЛЕКТОРИЙ *зат.* Элге лекциялар окуп турууну уюштуруучу уюм жана калк үчүн лекциялар окулуп турууучу үй.

ЛЕКЦИЯ *зат.* Жогорку окуу жайларында бир предмет боюнча окутуучунун баяндамасы, оозеки сүйлөгөн сөзү; ошондой эле белгилүү бир тема боюнча калк алдында айтып берилген сөз. *Ылдам эле жарык, таза, көңүлдүү аудиторияларга отурып, доцент, профессорлордун лекцияларын угууну самашат* (Таштемиров). *Комсомол уюмунун секретары колхозчуларга лекция окуду* (Баялинов).

ЛЕНИНДИК *сын.* 1. В. И. Лениндин окуусу, турмушу менен байланыштуу; В. И. Ленинге таандык болгон; В. И. Лениндин наамы менен аталган. *Коркпостон лениндик кайратыңар менен иштегиле* (Сыдыкбеков). *Иштин лениндик стили. Лениндик сыйлык.*

2. В. И. Ленин тарабынан түзүлгөн; ленинизм принциптерине ылайык келген. *Пролетариат диктатурасы жөнүндөгү лениндик теория. Лениндик улут саясаты.*

ЛЕНИНИЗМ *зат.* Империализм менен пролетардык революциянын шарттарында марксизмди андан ары өнүктүрүүчү жана конкреттештирүүчү В. И. Лениндин окуусу.

ЛЕНИНЧИЛ *зат.* Ленинизмдин жолун жолдоочу.

ЛЕНТА *зат.* 1. Кооздук үчүн, жасалга үчүн ж. б. колдонулуучу көбүнчө кым-

бат баалуу кездемелерден жасалуучу ар кандай жазылыктагы тилке тасма. *Жибек лента. Капрон лента. Баркут лента.*

2. Техникалык же башка максаттарда колдонулуучу кандайдыр бир материалдын узун, ичке тилкеси. *Изоляциялык лента. Телеграф лентасы.*

ЛЕПИЛДЕ *этиш.* 1. Закым жүргөндөй жеңил зыпылдоо, закымдагандай согуу (мис., жел). *Күндүзү ысык тартылып, лепилдеп тоо жели жетип келди* (Байтемиров). *Баятан лепилдеп жорткон серүүн жел жүрсө, машина зымырап учкандагы чыккан эпкин тура* (Сыдыкбеков).

2. Ыпылдап-шыпылдап эпкек куймылдоо. *Аскар жумуш убактысында оюнга алаксыбай колдору лепилдеп, куймылы эпкек, өзү дасыккан кишидей бүйрө жүрөт* (Сыдыкбеков).

ЛЕПИЛДӨӨ **лепилде** этишинин кыймыл атоочу.

ЛЕТОПИСЬ *зат.* Байыркы руста: ар жерде, шаарда, өлкөдө болгон тарыхый окуялар жыйналып, жыл сайын түшүрүлүп туруучу жазуу, ушундай жазуулар түшүрүлгөн китепче, дептерче ж. б.

ЛИБЕРАЛ *зат.* 1. Либерализмди жактоочу; либералдык партиянын мүчөсү.

2. *сүйл.* Өткөрө жумшактык кылган, либералдык мамиле жасаган адам.

ЛИБЕРАЛДЫК *сын.* Либералга, либерализмге таандык.

ЛИБЕРАЛИЗМ *зат.* 1. Феодалдык-крепостнойлук доордо буржуазиянын эркиндигин жактаган, ал эми буржуазиялык революциянын доорунда өзүнүн саясий үстөмдүгү орногондон кийин пролетариаттын революциячыл күрөшүнүн өсүп-өнүгүшүнө каршы турган реакциячыл саясий агым.

2. *сүйл.* Өтө эле жумшак мамиле, жумшактык.

ЛИБРЕТТО *зат. театр.* 1. Музыкалуу чоң чыгарманын (мис., опера, оперettанын) тексти.

2. Билеттин же кинофильм сценарийинин планы.

ЛИДЕР *зат.* 1. Саясий партиянын, профсоюздун ж. б. башчысы, жетекчиси.

2. Спорттук мелдештин жүрүшүндө эң алдынкы орунда келе жаткан киши же команда.

ЛИКЕР *зат.* Күчтүү, таттуу спирттик ичимдик.

ЛИКИЛДЕ **лекилде** менен бирдей.

ЛИЛИПУТ *зат.* Эргежээл, кодоо киши.

ЛИМИТ *зат.* Кандайдыр бир нерседен пайдаланууга, каражат кылууга уруксат берилген чек, чек коюлган норма.

ЛИМИТТЕ *этиш.* Белгилүү бир чектеги норманы коюу, лимит коюу.

ЛИМИТТӨӨ **лимитте** этишинин кыймыл атоочу.

ЛИМОН *зат.* Түштүк өлкөлөрдө өсүүчү, дайыма көгөрүп туруучу цитрус жытачы жана анын өңү саргыч, даамы кычкыл, кабыгы калың келген мөмөсү.

ЛИМОНАД *зат.* Лимондун же башка мөмөлөрдүн, жер жемиштеринин маңызы кошулуп жасалган суусундук.

ЛИНГВИСТ *зат.* Тил илими боюнча специалист; тилчи.

ЛИНГВИСТИКА *зат.* Тил жөнүндөгү илим; тил илими.

ЛИНКОР *зат. сог.* Душмандын кемелерине же жээктеги күчтөрүнө каршы кубаттуу артиллериялык сокку берүүгө ылайыкталган эң чоң согуштук корабль.

ЛИРА I *зат.* 1. Поэтикалык чыгармачылыктын, акындык шыктануунун символу болуп саналган байыркы гректердин кылдуу куралы.

2. Украин жана белорус ырчыларынын чертме инструменти. *Лира менен чоорду, керней менен сурнайды чалып, барабандарды кагыштырамын, талааны тукабага салыштырып, талантка лира күүсү сиңген, иним* (Аалы).

ЛИРА II *зат.* Италияда жана кээ бир башка өлкөлөрдөгү акча единицасы.

ЛИРИК *зат.* Лирикалык акын.

ЛИРИКА *зат.* 1. Автордун ою, ички сезими, кайгы-муңу ыр түрүндө образдуу, көркөмдүү сүрөттөп берилген адабий чыгарма жана ушул түрдөгү поэзиялык чыгармалардын жыйындысы. *Осмоновдун лирикасы.*

2. *өт.* Сезим, эмоция акылга үстөмдүк кылган абал.

ЛИРИКАЛЫК *сын.* Лирикага таандык.

ЛИТОГРАФИЯ *зат.* 1. Жазуу же сүрөт жалпак таштын бетине түшүрүлүп, андан кагазга басып чыгаруу жолу.

2. Ушундай жол менен басып чыгаруучу ишкана же цех.

3. Жогорудагы жол менен басып чыгарылган китеп же сүрөт.

ЛИТР *зат.* 1000 куб. см. көлөмүнө барабар суюктук өлчөмү.

ЛИФТ *зат.* Көп кабаттуу үйлөрдө жана шахталарда адамдарды, жүктү жогору көтөрүп чыгаруучу, төмөн түшүрүүчү машина.

ЛОБОГРЕЙКА *зат.* Жөнөкөй конструкциядагы эгин чабуучу машина. *Эки жерде эки лобогрейка* (Баялинов).

ЛОГИКА *зат.* 1. Ойлоо закондору жана формалары жөнүндөгү илим.

2. Бир нерсенин ички закон ченемдүүлүгү.

3. Ой жүгүртүүнүн тууралыгы, дурустугу, жүрүшү.

ЛОЖА *зат.* Театрда өзүнчө бөлүнүп жасалган бир нече кишилик айрым орун. *Капсалаң ложа тарапты кылчак-кылчак караону токтотуп, учурдан пайдаланғысы келди* (Каимов).

ЛОКОМОТИВ *зат.* Темир жол менен вагондорду сүйрөп жүрүүчү машина (мис., паровоз, тепловоз, электровоз ж. б.). *Чубалтып вагондорун чыркеп алып, Алыстан жүрүп келет локомотив* (Шамшиев).

ЛОКУЙ *этиш.* Абдан чоң, күрсүйгөн көрүнүштө болуу. *Шамбет локуюп ортодо отурганында, алп мүчөсү козголбогон кара таштай эле* (Сыдыкбеков).

ЛОКУЛДА **лакылда** менен бирдей.

ЛОМ *зат.* Катуу жерди, музду ж. б. оюп же буза турган учтуу сом темир. *Лом көтөрүп чалкалап, Ташты кумдай талкалап* (Осмонкул). *Эки жеңди карууга дейре түрүнүп, лом темирди күрс-күрс согуп, таш ооларышып Сабыр жүрдү* (Сыдыкбеков).

ЛОТЕРЕЯ *зат.* Билет боюнча акча, буюм ж. б. утуучу оюн. *Акча-буюм лотереясы. Лотереядан утуу.*

ЛОТО *зат.* Бетине номерлер коюлган атайын карталар менен ойнолуучу оюн.

ЛӨК *зат.* 1. Нар төөнүн эркеги. *Лөгүнө жамбы жүктөтүп, Жибектен жабуу бүктөтүп* («Курманбек»).

2. *өт.* Чоң, күчтүү. *Журт булбулу эр Бакай, Лөгүң эсен жатабы* («Манас»).

ЛУК: лук-лук этүү — кан тамырларынын катуу сокконундай же тартканындай көрүнүштө, сезимде болуу.

ЛУКУЛДА *этиш.* Лук-лук этүү. *Мансурдун башы ого бетер катып, кан тамырлары лукулдап соккону дапдаана угула баштады* (Абдукаримов).

ЛУКУЛДАТ лукулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЛУКУЛДОО лукулда этишинин кыймыл атоочу.

ЛУПА *зат.* Эки жагы томпок, чоңойтуп көрсөткүч айнек.

ЛЫЖА *зат.* Карда жүрүү үчүн ылайыкталып жасалган, бутка байланып алуучу узун жазы тилке жыгач. *Лыжасын камдап бөбөктөр, Касаба карга жөнөшөт* (Токобаев).

ЛЫЖАЧЫ лыжник менен бирдей.

ЛЫЖНИК *зат.* Лыжачы, лыжада жүрө билген адам, лыжа спортуна катышкан адам. *Автоматчы лыжниктердин келе жаткандын көрдүм* (Сыдыкбеков).

ЛЫП *такт.* Тез, бат, дароо (жеңил, элпек кыймыл-аракет жөнүндө). *Бир кезде жааган кар лып басылды* (Баялинов). *Машина лып этип токтой калды* (Жантөшев).

ЛЫПЫЛДА *этиш.* Тез жеңил жүрүү, эпилдеп-жепилдеп тез-тез кыймылдоо, эпилдеп-жепилдеген аракетте болуу. *Маша лыпылдап эшикти тез ача койду* (Шимеев). *Жуучу келет аптада Жумшак сүйлөп лыпылдап* (Үсөнбаев).

ЛЫПЫЛДАТ лыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЛЫПЫЛДОО лыпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЛЮК *зат.* 1. Жабылма капкагы бар ичине түшүп же чыга турган тешик.

2. Замбиректин тулкусу чыгып туруучу кеменин бортундагы тешик.

ЛЮСТРА *зат.* Бир нече лампочкасы же шамы бар асма чырак, жарык берүүчү прибор.

М

МАА *сүйл.* **мага** менен бирдей.

МААКУЛ *туурасы:* **макул.**

МААЛ *такт.* Мезгил, убакыт, учур. *Өзүңүз билесиз азыр орок маалы келип калды* (Абдукаримов). *Жок келбейсиң, чолоң тийбейт, кызыл кырман маалында* (Осмонов).

МААЛИМ I *сүйл. туурасы:* **мугалим.**

МААЛИМ II маалым менен бирдей.

МААЛКАТ *этиш.* Кечиктирип, созуп, иштер-иштемексен болуу, кечиктирүү. *Мыскал да көп маалкатып отурбады* (Сыдыкбеков). *Көп маалкатпай тийта бер аңгемеңди* (Каралаев).

МААЛКАТУУ маалкат этишинин кыймыл атоочу.

МААЛУМАТ маалымат менен бирдей.

МААЛЫМ *сын.* Белгилүү, тааныш. *Бул жердин сыры мага абдан маалым* (Абдумомунов). *Кыздын сыры төркүнгө маалым* (макал).

МААЛЫМАТ *зат.* 1. Билим. *Маалыматы орто. Маалыматы жогору.*

2. Жыйналган, алынган кабар, топтолгон кабарлардын, билдирүүлөрдүн жыйындысы. *Ар кайсы малчыдан маалымат жыйып, Сатар экөөбүз бетин толтурганбыз* (Бейшеналиев). *Маалымат боюнча ошол жактын келечеги кең* (Ашубаев).

МААЛЫМАТТУУ *сын.* Билимдүү, маалыматы бар. *Маалыматтуу, маданияттуу адамдар.*

МААЛЫМДА *этиш.* Маалым кылуу, кабарлоо, кабар билдирүү, билдирип коюу.

МААЛЫМДОО маалымда этишинин кыймыл атоочу.

МААНА *зат.* 1. Баш калкалай турган жай, калканч, паана. *Маанасы жок жайдан без* (макал).

2. *өт.* Жөлөк. *Маңдайдагы бараанды Маана кылып берипсиң, Бала Манас кыраанды* («Манас»). *Басып келген адам жок, Маана кылып кашымда* (Аалы).

МААНАЙ *зат.* Кабак-каш; көңүл, пейил. *Токтогул калктын мүдөөсүн билдирип, алардын маанайын көрсөтөт* («Ала-Тоо»). *Эмне үчүндүр маанайы пас, терең ойдо отурат* (Турусбеков).

МААНЕК *зат.* Баш калка, калканч, калкалагыч, коргоочу, колдоочу, жактоочу. *Мен бул элди маанек кылам дечү элем, Бул жерде да мендейлерди жектейби* (Аалы).

◆ **Баш маанек** — баш калкалай турган жай. *Эң оболу өздөрү баш маанек кылып убактылуу кире турган бир нече жер тамдын керегесин көтөрүп, үстүн жабышты* (Баялинов).

МААНЕКТЕ *этиш.* Баш калка кылуу, колдоо издөө, колдоочу, жактоочу табуу, караан кылуу; калканч кылуу. *Эл алды козголуп, морлордон түтүн булаганча тамташтын бурчун маанектей туралы* (Шүкүрбеков). *Башыңды катып маанектеп, Барчу жерди камдагын* (Осмонкул).

МААНЕКТӨӨ маанекте этишинин кыймыл атоочу.

МААНИ *зат.* Ички логикалык мазмун, акыл-ой менен түшүнөрлүк ички маңыз, касиет. *Мунун себебин улгайгандар билбесе, жаштар ал сөздүн маанисин ажырата алышчу эмес* (Аалы).

МААНИЛҮҮ *сын.* Мааниси бар, маанисиче. *Маанилүү сөз.*

МААРА I *туурасы:* **мара I.**

МААРА II *этиш.* Козу, улак, кой, эчкилер «маа» дегендей үн чыгаруу. *Кичирээк коктучадан бир боз кой маарап алдыман чуркап чыкты* (Бектенов).

МААРАТ маара этишинин аркылуу мамилеси.

МААРОО маара этишинин кыймыл атоочу.

МААСЫ *зат.* Кончтуу, көбүнчө булгаарыдан жасалган такасыз, таманы жумшак бут кийим. *Бутуна кийгени — чаначтай болуп агарып калган маасы* (Байтемиров).

МААШЫР: маашыр болуу — ыраазы болуу, канааттануу, ыракаттануу, көңүлүнө толуу. *Манапбай өз кебине маашыр болгондой күлө сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

МААШЫРКА *этиш.* Ыраазы болуу, канааттануу, таңдануу, маашыр болуу. *Колхозчу берекелүү күзгө маашыркап, дасторконун кең-кесири жайды* (Бейшеналиев).

МААШЫРКАН маашырка этишинин өздүк мамилеси.

МААШЫРКОО маашырка этишинин кыймыл атоочу.

МААШЫРЛАН маашыркан менен бирдей.

МАВЗОЛЕЙ *зат.* Мүрзө үстүнө тургузулган архитектуралык эстелик, курулуш. *В. И. Лениндин мавзолейи.*

МАГАЗИН *зат.* 1. Азык-түлүк, өнөржай товарларын сатуучу соода ишканасы жана ушундай товарлар сатылуучу жай, имарат, дүкөн. *Азык-түлүк магазини. Өнөр-жай товарларын сатуучу магазин.*

2. Ок атуучу куралдарда, приборлордо патрон ж. б. салынуучу кутуча. *Автоматтын магазини. Фотоаппараттын магазини.*

МАГДЫРА *этиш.* Көшүлүү, үргүлөгөнсүп тынчтануу, ыксырап көшүлүңкү тартуу. *Магдырап жаткан бөбөктүн Маңдайын Жапар сылады* (Бөкөнбаев).

МАГДЫРАТ магдыра этишинин аркылуу мамилеси.

МАГДЫРОО магдыра этишинин кыймыл атоочу.

МАГИСТРАЛЬ *зат.* Кандайдыр бир катнаш жолунун негизги линиясы.

МАГНИЙ *зат.* Химиялык элемент, жаркырап агарып күйүүчү күмүштөй ак түстөгү жумшак жеңил металл.

МАГНИТ *зат.* 1. Темир же болот нерселерди өзүнө тартуу касиетине ээ болгон темир рудасынын же болоттун бир кесеги. *Темирдин баарысы магнитке жабышат* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Өзүнө тартуучу күч. *Тартып турган адамды Магнит бар өзүндө!* (Үмөталиев).

МАГНИТОФОН *зат.* Магниттин жардамы менен үндү, тыбышты жазып жана ошол үндү, тыбышты кайта чыгаруучу электрдик аппарат, прибор.

МАГНИТТЕ *этиш.* Кандайдыр бир башка затка магниттик касиетин өткөрүү, магниттик касиетке ээ кылуу.

МАГНИТТЕЛ магнитте этишинин туюк мамилеси.

МАГНИТТЕН магнитте этишинин өздүк мамилеси.

МАГНИТТИК *сын.* Магнитке таандык.

МАГНИТТӨӨ магнитте этишинин кыймыл атоочу.

МАГНИТТҮҮ *сын.* 1. Магнити бар; магниттелген.

2. *өт.* Өзүнө тартып алуучу, өзүнө тартып алуучу күчү бар. *Сиздин магниттүү көзүңүз менин көзүмдү бийлеп алса керек* (Аалы).

МАДА *этиш.* Кадай уруу, саюу.

◆ **Көзүн мадоо** — тигиле көзүн албай кароо, тиктөө.

МАДАЛ мада этишинин туюк мамилеси.

МАДАНИЙ *сын.* 1. Маданиятка таандык. *Маданий байланыш. Маданий деңгээл.*

2. Адам тарабынан өстүрүлүп чыгарылган, иштелген, жапайы эмес. *Маданий өсүмдүктөр.*

МАДАНИЯТ *зат.* 1. Өндүрүштүк, коомдук, акыл-эс билим жагынан адам баласынын жетишкен ийгиликтеринин жыйындысы.

2. Маалыматтуулук, билимдүүлүк, маданияттуу адамдарга таандык жүрүш-турүш, адептүүлүк.

МАДАНИЯТСЫЗ *зат.* Маданияттуу эмес, жүрүш-турушунда маданияттуу адамдын мамилелери жок, маданияттуулугу жок.

МАДАНИЯТСЫЗДЫК *зат.* Маданиятсыз адамга таандык сапаттар.

МАДАНИЯТТАШ *этиш.* Маданияттуу болуу, маданияттын алдыңкы жетишкендиктерине ээ болуу, маданияттуу турмушка өтө баштоо. *Маданиятташкан кыштак.*

МАДАНИЯТТАШТЫР маданиятташ этишинин аркылуу мамилеси.

МАДАНИЯТТАШУУ маданиятташ этишинин кыймыл атоочу.

МАДАНИЯТТУУ *сын.* Маданий жагынан өнүккөн, маданий өнүгүштүн талаптарына ылайык келген. *Партия менен өкмөтүбүздүн камкордугу аркасында биздин кыштак коош, маданияттуу кыштакка айланды* («Советтик Кыргызстан»).

МАДАНИЯТТУУЛУК *зат.* Маданияттуу адамдарга, маданияттын алдыңкы жетишкендиктерине таандык сапаттар, өзгөчөлүктөр.

МАДАТ мада этишинин аркылуу мамилеси.

МАДОО мада этишинин кыймыл атоочу.

МАДЫЛ *зат.* Жапайы кыймык. *Мадыл менен суусар бар, Буларды алат капканга* (Тоголок Молдо).

МАДЫРА: мадыра баш — кагылбаган, тажрыйбасыз, али жаш.

МАДЫРАЙ *этиш.* Көзү бакырая алайып, сугун агыта караган кебетеде болуу (көбүнчө чачы жок же чачы алынган, башы чоң ураак адамдарга карата). *Манапты зэрчип эт жеген Мадырайган соргогум* (Токтогул).

МАЕК *зат.* Аңгемелешип, эрмектешип же кеңешип, жай пикир алышып сүйлөшүлгөн сөз, аңгеме сөз. *Өз ара маек куруп олтуруучу нускалуу карылар да демейдегидей жай олтурушпайт* (Сыдыкбеков).

МАЕКТЕШ *этиш.* Аңгемелешүү, пикир алышуу, эрмектешип аны-муну сөздөрдү сүйлөшүү. *Эңкейип чок үстүнө жыгач таштап, Отурат эки койчу маектешип* (Шүкүрбеков).

МАЕКТЕШТИР маектеш этишинин аркылуу мамилеси.

МАЕКТЕШҮҮ маектеш этишинин кыймыл атоочу.

МАЖБУР *сын.* Айласыз, аргасыз. *Мурун-кийин көрүшпөсөк да келүүгө мажбур болдум* (Жантөшев).

МАЖБУРЛА *этиш.* Аргасыз кылуу, мажбур кылуу.

МАЖБУРЛОО мажбурла этишинин кыймыл атоочу.

МАЖЕС *сын.* Начар, чабал. *Же [дубдун] тамыры мажес тартып куурап калды бекен* (Осмоналиев).

МАЖИЛИС *зат.* Заседание; жыйын, чогулуш. *Мажилис куруу. Жалпы мажилис.*

МАЖЛИС мажилис менен бирдей.

МАЖРУМ: мажрум тал — бутактары ичке келип, төмөн карай ийилип салаңдап турган тал. *Көчөнүн аягыраак жагында чоң түп мажрум тал* (Жантөшев). *Мажрум талдын шагындай Кара чачы чубалган* («Мендирман»).

МАЖҮРӨӨ *сын.* Чабал, начар, алсыз. *Алсыз мажүрөө көрүнгөн Ташболот... күчөгөндөн күчөдү* (Бектенов).

МАЗ *сын.* Көңүлү куунак, шайыр-шат, ыракаттанган. *Жаркыраган сулуу жаз, Чымчыктар сайрап болду маз* (Үмөталиев).

МАЗА *зат.* 1. Даам, татык. *Андай чайды Арзыкул чынынын түбүнөн колдун баштары менен кармап алып, мазасын чыгарып иченди, жакшы көрүүчү* (Байтемиров).

2. *өт.* Маани, татыктуулук, жөндүүлүк, натыйжалуулук. *[Абдыракман] бай баласы болсо да чамасы чак, мазасы жок* (Сыдыкбеков). *Ал арыздарынан да маза чыккан жок* («Чалкан»).

3. *өт.* Тынчтык, тынч абал. *Динар баштагы мүнөзүндө болсо.. чоң эненин мазасын алат беле?* (Сыдыкбеков). *Сурмалуу бото көзүң жаркылдаса, Бозойдун жүрөгүнө бербейт маза* (Аалы).

МАЗАК *зат.* Шылдың, келеке. *Тигилер.. чучукка сайыла турган кеп менен [Көкөнү] мазак кылууда* (Касымбеков).

МАЗАКТА *этиш.* Шылдындоо, шылдың кылуу, келекелөө. *Кичинекей кыз чоңдордун мазактаганына көңүл бөлбөдү* (Осмоналиев).

МАЗАКТАЛ мазакта этишинин туюк мамилеси.

МАЗАКТАТ мазакта этишинин аркылуу мамилеси.

МАЗАКТАШ мазакта этишинин кош мамилеси.

МАЗАКТОО мазакта этишинин кыймыл атоочу.

МАЗАР *зат.* 1. *дин.* Сыйынуучу ыйык жер. *Бир ишарат болор деп, Мазарга барып түнөдүм* (Турусбеков). *Мазардын кара суусуна Жаралуу бутту малалык* («Эр Табылды»).

2. Мүрзө, бейит. *Куурган мазарга бөрпө куран окуп келип турасыз* (Жантөшев). *Балалуу үй — базар, баласыз үй — мазар* (макал).

МАЗЕ маза менен бирдей.

МАЗМУН *зат.* 1. Өз ичине камтыган негизги ой, маани; айтылуучу же билдирилүүчү негизги пикир. *Ырдын мазмуну шахтёр Мусабектин жүрөгүн сыздаткан* (Сыдыкбеков).

2. Китептин ичиндеги темалардын жыйындысы, тизмеси.

МАЗМУНДУУ *сын.* Мазмуну жакшы, мааниилүү. *Ыр мазмундуу, терең ойлуу болсо, жүрөккө жагымдуу болот* (Шүкүрбеков).

МАЙ I *зат.* 1. Жаныбарлардын этинде, сүтүндө, кээ бир өсүмдүктөрдө жана минералдык заттарда болуучу жана алардан ажыратылып алынуучу суюк эрибей турган зат. *Куйрук май. Сары май. Пахта май. Эфир майы.*

2. Пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы. *Аттын майын төлөө. От майын төлөө.*

◆ **Көз майы түгөнүү**—көздүн күчү кетүү, көзүнүн курчу кетүү. **Кошкон май** — талканга май, бал аралаштырып жасалган көбүнчө жентекке берилүүчү тамак. *Бал эле дейсиңби, сары майга эритип кошкон май жасайбыз* (Бейшеналиев). **Кызыл май болуу** — 1) семиз мал, көбүнчө жылкы кыйналуудан табынан айнып дартка чалдыгуу; 2) кыйналып каруусу кетүү, алсыроо, чаршоо. *Чаржайыт чарпып күч качып, Кызыл май болдук тер басып* (Элебаев). **Май ичме** — элдик медицыналык түшүнүк боюнча суугуна айланганда, ичи өтүп алсыраганда май ичирүүнү керектөөчү оору. **Жүрөккө майдай тийүү** — абдан жалкуу, көргүсү келбей калуу, тажап бүтүү. **Көзүн май басуу** — көөп кетүү, тенсинбөөчүлүк пайда болуу.

МАЙ II *зат.* Календарлык жылдын бешинчи айы.

МАЙДА *сын.* 1. Кичине, кичинекей, ушак, бөлчөктөнгөн, ири эмес, чоң эмес (көлөмү, көрүнүшү жагынан). *Майда таш. Майда суулар. Майда тууралган эт. Майда тал.*

2. Олуттуу эмес, орчундуу эмес; ири эмес. *Майда жумуш. Майда сөз. Майда кызматкер.*

МАЙДАЛА *этиш.* 1. Кесек, келки нерселерди кичине бөлүктөргө бөлүү, майда түргө келтирүү, майда кылуу. *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле* (Осмонкул).

2. Майда себелөө. *Майдалап жааган жаан.*

3. Ири, чоңураак суммадагы акчаны майда акча менен алмаштыруу.

МАЙДАЛАН майдала этишинин өздүк мамилеси.

МАЙДАЛАТ майдала этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙДАЛОО майдала этишинин кыймыл атоочу.

МАЙДАН *зат.* 1. Көк чыккан аянт, эмгек жумшап көгөртүп-жашартылган жер. *Ачылган ар түрдүү гүл бактын ичи, Көрүнөт көз алдында жашыл майдан* (Үмөталиев). *Суусуз болгон талааны Майдан кылып тириптеп* (Бөкөнбаев).

2. Согуш талаасы, согуш болуп жаткан жер; фронт. *Кан жошулган майданда Карсылдаша салыштык* (Бөкөнбаев). *Эл таалайы үчүн биздин замандын ак ниет кишилери майданда* (Сыдыкбеков).

3. Күрөш участогу, белгилүү бир участок, фронт. *Маданий майдан. Эмгек майданы.*

МАЙКА *зат.* Жеңсиз жана жакасыз трикотаждан жасалган ич көйнөк.

МАЙКАН *зат.* Даны биротоло тазаланып-ажыратылып алынбаган, дагы жеткире бастырып, кызылы алына турган эгин.

МАЙКАНА *зат.* Балдардын оюну, жалпы эле балдардын оюн-тамашасы. *Майкана көрбөй бала оңолбойт* (макал).

МАЙКАНДА *этиш.* 1. Саманы бөлүнгөндөн кийин, эгиндин кызылын алуу үчүн кайрадан бастыруу.

2. *өт.* Аябай жанчуу, жок кылуу, талкалоо, жайлоо.

МАЙКАНДАЛ майканда этишинин туюк мамилеси.

МАЙКАНДАТ майканда этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙКАНДОО майканда этишинин кыймыл атоочу.

МАЙЛА *этиш.* 1. Май сүртүү, май сүйкөө. *Чачын майлап өрөт дейт, Тогуз уулдан ал кызын Абдан өздө көрөт дейт* («Эр Төштүк»).

2. Актоо; сүртүп жугузуу. *Маляр келди, бир чоң үйдү майлады, Кабак түйгөн капалыкты айдады* (Осмонов).

◆**Оозун майлоо** — белгилүү бир максат менен сыйлап көңүлүн алып коюу, пара берүү. *Бай старчындын оозун майлап койгондуктан аны колдойт* (Абдукаримов). **Стол майлоо** *же* **орун майлоо**— *сүйл.* жаңы кызматка, орунга турганда ошол кызматын белгилеп тамак-аш берүү.

МАЙЛАН майла этишинин өздүк мамилеси.

МАЙЛАНЫШ *этиш.* Май жуккан, май баскан же май сүйкөгөндөй көрүнүштө болуу. *Майланышкан жыртык малакайы бар.. Култай аксакал.. жулунуп чыкты* (Абдукаримов). *Өңү да майланышып жылтырап калыптыр* (Байтемиров).

МАЙЛОО майла этишинин кыймыл атоочу.

МАЙЛУУ *сын.* Майы көп, майы арбын кошулган, семиз. *Майлуу тамак. Майлуу эт.*

МАЙЛЫК *зат.* Тамак, көбүнчө эт, жегенден кийин кол аарчый турган дасмал. *Майлыктары кир экен, Сиз байкабай калдыңыз* (Осмонов).

МАЙМАҢ майпаң менен бирдей.

МАЙМЫЛ *зат.* Мүчө түзүлүшү жагынан адамга бир кыйла жакын болгон сүт эмүүчү жаныбар.

МАЙНАП *зат.* 1. Сугарылып жаткан жерден чыгып калган суу, сугарылгандан кийин этегине чыккан суу.

2. *өт.* Натыйжа, маани.

МАЙНЕКЕ: майнеке болоюн *же* **майнекенин таз катыны болоюн** — кандайдыр бир ишти аткарууга убада кылганда көбүнчө аялдар же балдар айтуучу каргыш сөз.

МАЙОР *зат.* Армиядагы капитандан жогорку офицердик наам жана ушундай наамы бар адам.

МАЙПАЙ *этиш.* Жантайыңкы, теңселиңки жай кыймылдаган абалда болуу.

МАЙПАҢ: майпаң-майпаң *туур.* 1. Теңселе, чайпала басканды же ошондой кыймылды билдирүү үчүн колдонулат.

2. Көбүнчө жакшы чайнай албаган кишинин чайнагандагы көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

МАЙПАҢДА *этиш.* 1. Теңселиңки, чайпалыңкы кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу, майпаң-майпаң этүү. *Өрдөктөр майпаңдап зэрчише басты* (Каимов).

2. Көбүнчө тиши жок кишилер майпаң-майпаң эте чайноо.

МАЙПАҢДАТ майпаңда этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙПАҢДОО майпаңда этишинин кыймыл атоочу.

МАЙПАР *сын.* Майыбы бар; чабал, мажес. *Ал өтө, жансыз, өтө майпар адам деп ойлойсуңар, бирок бул божомол жаңылыш* (Абдумомунов).

МАЙРАМ *зат.* 1. Белгилүү бир көрүнүктүү окуяны белгилөөгө арналган салтанаттуу күн. *Май майрамы. Улуу Октябрь майрамы. Жеңиш майрамы.*

2. Кандайдыр бир кубанычтуу окуяга байланыштуу көңүл ачуу салтанаты, оюн-күлкү, кубаныч, шаттык. *Үй-бүлөнүн майрамы. Ыр майрамы. Спорттук майрам.*

МАЙРАМДА *этиш.* Белгилүү бир салтанаттуу күндү, майрамды шаттуу түрдө белгилөө, кубаныч, салтанат менен өткөрүү. *Майрамдаган кыздар Жеңиштайды ырдатышчу* (Сыдыкбеков).

МАЙРАМДАЛ майрамда этишинин туюк мамилеси.

МАЙРАМДАТ майрамда этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙРАМДОО майрамда этишинин кыймыл атоочу.

МАЙРЫЙ *этиш.* Бир жагына жантайган майрык абалга келүү, кебинен кетип кыйшаюу. *Майрыйган өтүк.*

МАЙРЫЙТ майрый этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙРЫК *сын.* Кыйшык, көрүнүшү бир жагына жантык түз эмес, кебинен кетип, майрыйган. *Майрык өтүк. Майрык бут. Сынчынын сыңар өтүгү майрык* (макал).

МАЙРЫЮУ майрый этишинин кыймыл атоочу.

МАЙСА майсан менен бирдей.

МАЙСАН *зат.* Көк чөп. *Кең талаанын көк майсаны болоор-болбос эртеңки желге чайпалып, кулпунат* (Баялинов).

МАЙТАР *этиш.* 1. Көбүнчө миздүү, кырдуу, учтуу нерселердин мизин, кырын, учун ийип кайруу, уруп, чаап майыштыруу.

2. *өт.* Күчүн, кайратын кайтаруу, сокку берүү. *Кызыл аскер күч менен, Душмандын мизин кыйратты* (Барпы). *Эрдин эри майтарат, Эриш бузган жоо мизин* (Токтогул).

МАЙТАРТ майтар этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙТАРУУ майтар этишинин кыймыл атоочу.

МАЙТАРЫЛ майтар этишинин туюк мамилеси.

МАЙЧЫЛ *зат.* Майды, майлуу тамакты жакшы көрүүчү адам.

МАЙЫП *сын.* Кандайдыр бир мүчөсү кем, мүчүлүш; кадимкидей эмес, кемчил, жарамсыз. *Канча болсо да майыптын иши майып да* (Байтемиров). *..Мекен коргоодо бир бутуңуз майып болгон экен* (Убукеев).

◆ **Майып болуу** — курман болуу, өлүү. *Теңдиксиз жоонун колунан, Майып болду Курманбек* («Курманбек»).

МАЙЫШ *этиш.* 1. Ийилүү, ийиле түшүү, бир жакты көздөй майтарылган абалда боло түшүү. *Баатырлар чыгып сайышса, Бакандары майышат* («Манас»). *Бутагы бүрдөп майышкан, Булбулдар конор тал бекен* (Калык).

2. *өт.* Кыйналган абалда болуу, кыйынчылыкты көтөрө албаган баш не баштаган абалда болуу, чабалдык кылуу. *Ансыз да күйүп жүргөн шордуу балаң ызаланар, майышар* (Сыдыкбеков). *Жаш келин мында да майышпады* (Сыдыкбеков).

◆ **Жер майышкан** — аябаган көп, сансыз көп. *Баштагыдан беш бетер, Жер майышкан кол келет* («Манас»).

МАЙЫШКАК *сын.* Ийилгич, мажес. *Жердин коюу, жашыл чачтары чыйырчыктын майышкак, күчсүз жаш денесине багына койбойт* (Аалы).

МАЙЫШТЫР майыш этишинин аркылуу мамилеси.

МАЙЫШУУ майыш этишинин кыймыл атоочу.

МАКАБАТ *туурасы:* **махабат.**

МАКАЛ *зат.* Турмуштук тажрыйбанын негизинде эл тарабынан түзүлгөн акыл-насаат берүүчү кыска, элестүү, таасирдүү сөздөр. *Сен Барпыга айтып бар: «Эл каргаса, жерге батпайт» деген макалды унутпасын* (Байтемиров). *«Союлуң күчтүү болсо, жооң алыс жүрөт» деген макал бар илгертен* (Сыдыкбеков).

МАКАЛА *зат.* Журналда, газетада же жыйнактарда чыгуучу көлөмү жагынан анча чоң эмес, илимий же публицистикалык чыгарма. *Баш макала. Сын макала. Газеталык макала.*

МАКАЛДАТ *этиш.* Макал кошуп, макал аралаштыра сүйлөө. *Элебес калыбында козголбой олтуруп макалдатып койду* (Сыдыкбеков).

МАКАЛДАТУУ макалдат этишинин кыймыл атоочу.

МАКАРОН *зат.* Камырдан түтүккө окшотуп жасалган, жумуру кесме.

МАКЕТ *зат.* Кандайдыр бир нерсенин кичинекей кылып жасалган үлгүсү, алдын ала түзүлгөн модели.

МАКИ *зат.* Чөнтөккө салып жүрүүчү кичине, бүктөлмө бычак.

МАКИНТОШ *зат.* Суу өткөрбөс ткандан жасалган жеңил пальто. *Ушул учурда машинада калган Жумагулдун макинтошун ийнине салып, толугураак келген кара жигит басып келди* (Шимеев).

МАКМАЛ *зат.* Тыгыз, түктүү жумшак мата. *Көрпөдөн ичик кылайын, Көбөсүн макмал кынайын* (Токтогул). *Кара макмал тонуңа Жең болоюн, бекбекей* («Бекбекей»).

МАКОО *сын.* Келесоо, айтканды оңой менен түшүнбөгөн, айтканга көнбөгөн кем акыл. *Же кургур ошончолук макоо беле, Чың тийбес, топос кыял жөн билбеген* (Турусбеков).

МАКООЛОН *этиш.* Макоо сыяктануу, келесоолонгон мамиле кылуу.

МАКРӨӨ макүрөө менен бирдей.

МАКСАТ *зат.* Көздөгөн тилек, каалаган ой, ишке ашыруурга ниеттенген маселе. *Биздин максат так ушул жетишкендиктерге теңелүү* (Байтемиров).

МАКСАТСЫЗ *сын.* Максаты жок, алдына белгилүү бир максат койбогон. *Же көкүлөн алаңазар шайтандай Эч максатсыз сызып кетип калгандыр* (Аалы).

МАКСАТТАШ *сын.* Максаты бир, ою, тилеги бир, бир тилекте болгон. *Бир максатташ элдерге, Мээримдүү жаздай сүйүүң бар* (Осмонкул).

МАКСАТТУУ *сын.* Максаты бар, максат койгон. *Кол кармашкан жолдошумсуң бир максаттуу, бир тилек* (Аалы).

МАКСИМАЛДУУ *сын.* Абдан чоң, барып турган, эң жогорку.

МАКСИМУМ *зат.* Эң чоң сан, эң жогорку чек.

МАКСЫМ *зат.* 1. Жармадан ачытылып жасалган ачкыл, ачытылган жарма, талкандан жасалган ачытма, ачкыл жарма. *Кычан кырма аякка көбүрүп-жабырган максым алып келди* (Бейшеналиев).

2. Угут салынбай жасалган бозо.

МАКТА *этиш.* Жакшы жактары, көрүнүктүү иштери, аракети, баатырлыгы ж. б. жөнүндө жактырган сөз айтуу, жакшы

жагын көрсөтүү, белгилөө. *Арзыкул дагы бир катар сөздөрдү айтып, инисин чаң жугузбай мактай баштады.* (Байтемиров).

МАКТАЛ макта этишинин туюк мамилеси.

МАКТАН 1. макта этишинин өздүк мамилеси.

2. Көйрөңдөнүү.

МАКТАНУУ мактан этишинин кыймыл атоочу.

МАКТАНЧААК *сын.* Мактанганды жакшы көргөн, көйрөң, мактана берген. *Чоң-мурун мактанчаак, ала көөдөк жигит* (Сыдыкбеков).

МАКТАНЧЫЛЫК мактаныч менен бирдей.

МАКТАНЫЧ *зат.* 1. Мактанган сөз. 2. Мактоого татыктуулук.

МАКТАТ макта этишинин аркылуу мамилеси.

МАКТАШ макта этишинин кош мамилеси.

МАКТОО макта этишинин кыймыл атоочу.

МАКУЛ *мод.* Макулдукту билдирүү иретинде колдонулуучу сөз. «жарайт», «болот» деген мааниде колдонулуучу сөз.

◆ **Макул болуу** *же* **макул көрүү** — ылайык көрүү, туура деп табуу. *Макул болсо бу сөзүм, Айнымайм айткан кебимден* («Олжобай менен Кишимжан»). *Деп Кудаке кеп айтса, Олжобай макул көрдү эми* («Олжобай менен Кишимжан»).

МАКУЛДА *этиш.* Туура табуу, туура көрүү. *Жигиттердин жаманы, Сөз талашып такылдайт, Өзүнүн сөзүн макулдайт* (Барпы).

МАКУЛДАТ макулда этишинин аркылуу мамилеси.

МАКУЛДАШ макулда этишинин кош мамилеси.

МАКУЛДОО макулда этишинин кыймыл атоочу.

МАКУЛУК *зат.* Тирүү жан, жалпы эле жан-жаныбарлар. *Дүйнөнүн бардык макулуктары таң менен бирге ойгонду* (Аалы). *Макулуктун түйшүктүүсү кумурска* (Аалы). *Сен өз жаныңды эптеп баккан бир макулуксуң* (Сыдыкбеков).

МАКҮРӨӨ *сын.* Диний түшүнүк боюнча: жешке, пайдалануууга болбой калган, таза эмес. *Чочко курусун, чылада жаткан неме макүрөө да ал* (Сыдыкбеков). *Сүттү макүрөө кылып таштабадыбы* (Осмоналиев).

МАЛ I *зат.* 1. Жылкы, уй, төө, кой-эчкилердин жалпы аты. *Несин айтасыз, жайыттын көркү мал эмеспи* (Убукеев). *Уй абдан ыкшоо мал* (Убукеев).

2. Мүлк, дүнүйө. *Мал-мүлкү көп. Малдүйнөсү жок.*

3. Товар. *Магазинге түшкөн мал. Кез мал.*

МАЛ II *этиш.* 1. Суюктукка чөгөрүү, матыруу. *Кашаң карагер сууга кирери менен тумшугун сууга малып, кылтылдатып жута баштады* (Бейшеналиев).

2. Батыра саюу. *Жүрөккө шамшар малды эми* («Эр Табылды»).

МАЛА I *зат.* Айдалган жердин топурагын майдалоо үчүн колдонулуучу унаага же тракторго чиркеп сүйрөтүүчү айыл чарба шайманы. *Азыр соко, мала, кетмен, күрөк сыяктуу шаймандарды ремонттоп жаткан кези* (Бейшеналиев).

МАЛА II *сын.* Анчалык ачык эмес (түс жөнүндө). *Мала көк көйнөк. Мала кызыл жоолук.*

◆ **Мала даам** — тузу кем, даамы жок.

МАЛААМ *зат.* 1. Жарага тартыла турган көбүнчө эзилген ун сүйкөлгөн чүпүрөк.

2. Мазарларда жыгачтын бутактарына байлап, илип коюла турган тилке чүпүрөк, кебез.

МАЛАЙ *зат.* Бай-манаптарга киши күчүнөн пайдаланууучуларга жалданып иштеп же кызматын кылган жалчы. *Малайы болуп байлардын, Мал менен бирге жаткамын* (Бөкөнбаев). *Жерсиз элем, жер бердиңер, Малай элем, эрк бердиңер* (Аалы).

МАЛАЙЛЫК *зат.* Малайдын абалы. *Малайлыкка жалдандым, Мал ордуна кармалдым* (Осмонкул). *Күндөрдүн биринде Жоро Муслимахунду малайлыктан бошотот* (Жантөшев).

МАЛАКАЙ *зат.* Жүнү ичине каратылып териден тигилген баш кийим. *Каалганын жанында малакайын баса кийген, тоо эчкинин терисинен жасалган жаргак шымчан.. бир киши отурат* (Байтемиров).

МАЛАЛА *этиш.* Мала тартуу, топуракты майдалоо.

МАЛАЛАТ малала этишинин аркылуу мамилеси.

МАЛАЛОО малала этишинин кыймыл атоочу.

МАЛДАН *этиш.* Мал күтүү, малдуу болуу.

МАЛДАНУУ малдан этишинин кыймыл атоочу.

МАЛДАШ мандаш менен бирдей.

МАЛДУУ *сын.* Малы арбын, малы көп. *Түштүгүндө пахта, жибек, кени бар, чыгыш жагы — кендүү, малдуу Тянь-Шань* (Аалы).

МАЛИНА *зат.* Мала кызыл түстөгү, таттуу мөмөлүү бадал өсүмдүгү жана анын мөмөсү.

МАЛКАНА *зат.* Мал короо, мал туруучу жай. *Кыштоодогу бир бөлмөлүү тамдын жанында жабык малкана турат* (Абдукаримов).

МАЛКОР *зат.* Мал күткөндү, малдын жайгашын башкарып-тескегенди жакшы көргөн адам, мал жандуу адам. *Айылдагы малкорлор, короодогу сакчылар кыйкырып, иттерди айдакташты* (Жантөшев).

МАЛМА *зат.* Тери, кайыш булгаарыны иштетип ийге келтирүү үчүн ылайыкталган ар кандай кошунду ачыткыч. [*Илгери*] *терини малмага салуу, кыруу, ийлөө процесстери кол күчү менен иштелчү* (Сасыкбаев). *Ашаткысын кандырган, Малмага беш ай жаткырган* («Семетей»).

МАЛСААК *сын.* Малды жакшы көрүүчү, малкор.

МАЛТУУ малты этишинин кыймыл атоочу.

МАЛТЫ *этиш.* Бата түшүү, батып калуу, буйдалып жүрө албоо (мис. терең карга). *Батыйнаны тизесинен жогору малтып.. турган жеңеси ашыктырды* (Сыдыкбеков).

МАЛУУ мал этишинин кыймыл атоочу.

МАЛЧЫ *зат.* Мал багуучу. *Шамбет жайлоого чейин жете барып, жайыттагы малды көрүп, малчылар менен коштошуп кайтты* (Сыдыкбеков).

МАЛЧЫЛЫК *зат.* Мал багуучулук, мал чарбачылык. *Райондун негизги чарбасы малчылык* (Бейшеналиев).

МАЛЫН мал этишинин туюк мамилеси.

МАМА *зат.* Эмчек. *Бөрчи, энеке, ак мамаңды сагындым* (Турусбеков). *Ак мамасын эмизген, Ак буламык жегизген* (Үмөталиев).

МАМИЛЕ *зат.* 1. Адамдардын ортосундагы бири-бири менен болгон катышы, байланышы, бирөөгө же бир нерсеге карата көз карашы. *Каныбек экөөнүн мамилеси жакшы* (Жантөшев). [*Ал*] *дайыма кичи пейилдик менен мамиле кылат* (Жантөшев).

2. *грам.* Субъектисине же объектисине карата болгон кыймыл-аракеттин ар кандай катнашын көрсөтүүчү этиштин категориясы.

МАМЛЕКЕТ *зат.* Максаты ошол үстөмдүк кылып турган бийлигин сактоо жана башка таптардын каршылыгын басуу болгон өлкөдөгү үстөмдүк кылып турган таптын саясий уюму жана ушундай саясий уюму бар өлкө.

МАМЛЕКЕТТИК *сын.* Мамлекетке таандык. *Арбын болсун, артык болсун мамлекеттик планың* (Нуркамал).

МАМОНТ *зат.* Ушу кезде тукуму жоголгон, пил тукумуна кирүүчү чоң жаныбар.

МАМЫ *зат.* Ат байлоо үчүн казып жерге орнотулган жыгач. *Атбагар атты мамыга байлады* (Абдукаримов).

МАМЫК *зат.* Куштардын канаттарынын астындагы майда, жумшак түк; тыбыт. *Мамык жаздык. Маалында кыркса үлпүлдөп, Мамыктан жумшак жүндөрү* (Калык).

МАМЫРА *этиш.* Эч нерседен кам жебөө, ыракаттануу, жайлануу, мемирөө. *Балам үйлүү болду деп, Мамырап калды энеси* (Тоголок Молдо). *Малга жайлуу мамыраган төрдөрү* (Калык).

МАМЫРОО мамыра этишинин кыймыл атоочу.

МАНАП *зат. тар.* Өзү бай, малдуу болбосо да белгилүү бир уруунун же урукту башкарып, аларды эзүүнүн эсебинен күн көрүп, эл башкарган эзүүчүнүн өкүлү. *Залим падыша манаптын Момунга тийди залалы* (Токтогул). *Айыптуу болуп манапка Көрдүм мен да далайды* (Токтогул).

МАНАТ *зат.* Макмал сыяктуу жука тыгыз түктүү көбүнчө кызыл түстөгү кездеме. *Ортосу кызыл манаттан бастырылып, тегереги чачыктуу кара тукаба менен кооздолгон сайма туш кийиз үйдүн бир капшытын бүт каптап турат* (Каимов).

МАНДАЛАК *зат.* Калпак сымал ири гүлдүү пияз тукумундагы жапайы өсүмдүк, жоогазын. *Тоодогу ышкын, чүкүрү, мандалак, чайыр сыяктуу чөп-чардын бардык түрлөрүн жеп жүрдүм* (Абдукаримов).

МАНДАРИН *зат.* Дайыма көгөрүп турган, түштүктө өсүүчү цитрус жыгачы жана ушул жыгачтын кабыгы жука, өңү саргыч мөмөсү.

МАНДАТ *зат.* Кандай полномочиеси же эмнеге укугу бар экендигин күбөлөндүрүүчү документ. *Депутаттык мандат.*

МАНДАШ: мандаш урунуп *же* **мандаш токунуп отуруу** — тизелерин бүгүп, эки бутту кайчылаштырган абалда астына жыя жалпак отуруу. *Райымбек буттарын жыйып, мандаш урунуп отурду* (Каимов).

МАНДЕМ *зат.* Кандайдыр бир кемтик, бир нерсеси жетишпегендик; жаздымдык.

МАНДИКЕР *зат.* Күнүмдүк жумуш кылуучу адам, кара жумушчу. *Мамаш Жумашты кечээ күнү мандикерге жөнөткөн* (Жантөшев).

МАНДОЛИНА *зат.* Төрт жуп металл кыл тартылган, кичинекей жука пластинка менен чертилип ойнолуучу, көбүнчө арткы бөлүгү күпчөк сыяктанып кеткен музыкалык инструмент. *Шаңдуу ыр, ачык күлкү гитара менен мандолинанын үндөрүнө кошулууда* (Абдумомунов).

МАНДЫКЕР мандикер менен бирдей.

МАНЕВР *зат.* 1. Душманга сокку берүү максатында аскерлерди же флотту топтоштуруп которуштуруу жолу.

2. Согуш абалына жакындатылган шартта жүргүзүлгөн аскерлердин (флоттун) тактикалык машыгуусу.

3. Темир жолдордо поезд түзүү максатында паровоздорду, вагондорду орун которуштуруу ыгы.

МАНЕРА *зат.* Өзүн кармап жүрүүнүн жолу, жүрүш-туруштун сырткы көрүнүшүнүн формасы.

МАНЖА *зат.* Колдун жана буттун салаа-салаа болуп кеткен эң акыркы кыймылдуу бөлүктөрү, кыймылдуу шакшактары. *Апакай колунун кичинекей манжаларын бирден бүктөп жумуп, бирден ачып, санап чыкты* (Таштемиров).

МАНЖЫРА *зат.* Балжырап турган ирин. *Манжырасын агызган, Акмак тазга кезиктин* («Эр Төштүк»).

МАНИКЮР *зат.* Тырмакты тазалап жана жылмалап, жалтыратып күтүүчүлүк.

МАНИФЕСТ *зат.* 1. Бөтөнчө маанидеги окуя боюнча жогорку бийликтин калкка кат жүзүндө кайрылуусу, үндөө.

2. Саясий партиялардын, коомдук уюмдардын программалык мүнөздөгү кат жүзүндө кайрылуусу.

МАНСАП *зат.* Башкаруучулук милдети бар кызмат орду, бийлик даражасы. [*Ал*] *мансап үчүн жутунуп, далайга пара берген* (Маликов). *Мансапка жетер менен өзүмчүл, өз көмөчүнө күл тарткан киши болуп чыкты* («Чалкан»).

МАНСАПКОР *зат.* Мансапты көздөгөн, мансапты жакшы көргөн адам. *Мансапкорлор манап куулар* (Калык).

МАНСАПКОРЛУК *зат.* Мансапты көздөөчүлүк, мансапты жашкы көрүүчүлүк.

МАНТ *зат.* Кандайдыр бир кыйын абалдан кутулуп кетүү максатында жасалган амал, булт берип кетме айла.

МАНТАЙ *этиш.* Эки бөйрөгү чыгып балтайган, балчагай көрүнүштө болуу. *Бермет китептин бетиндеги музоонун сүрөтүн көрө коёт. Ананайын ий дегеле мантайып сонун көрүнөт деди* (Байтемиров)

МАНТАҢ: мантаң-мантаң этүү — мантайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Журтта калган жалгыз күчүк борс-борс үрүп, мантаң-мантаң чуркап жүрдү* («САЖИ»).

МАНТАҢДА *этиш.* Мантаң-мантаң этүү, мантаң-мантаң эткен кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу.

МАНТАҢДОО мантаңда этишинин кыймыл атоочу.

МАНТУУ *зат.* Камырдын ичине эт салып, бууга бышырылган тамак. *Палоо басуу, мантуу жасоо жагынан чоң адисмин деди Түгөл* (Бейшеналиев).

МАНТЫК *этиш.* 1. Жерден боорун көтөрүп тыңып калуу, чоңоюп, ирденип калуу. *Мантыгып калган күчүк.*

2. Тоюнуу, тоюнун толуп оңолуу. *Өмүрлөрүн бүркөп заңкир дат баскан, Жылаңаяк, жылаңбаштар мантыкты* (Аалы).

МАНУФАКТУРА *зат.* 1. Капиталисттик өндүрүштө ири машиналык өнөр жайдан мурун болгон ремеслолук техниканын убагында эмгектин ар түрдүү болуп бөлүнүшү менен мүнөздөлүүчү формасы.

2. Кездеме, ткань.

МАНЧА манжа менен бирдей.

МАНЧЫРКА *этиш.* Көңүлсүнбөө, тартынчыктоо, көңүлдөнбөө, айныкыроо. *Манас минтип турганда, Сенин манчыркашың кеп эмес* («Манас»).

МАНЧЫРКАТ манчырка этишинин аркылуу мамилеси.

МАНЧЫРКОО манчырка этишинин кыймыл атоочу.

МАҢ: маң болуу — эмне кыларын билбей дал болуу, баш катуу. *Эмне үчүндүр менин оюма эчтеке келбей башым маң болду* (Абдукаримов).

◆**Маңы жапыз** — 1)маңдайы бүркөө, кабагы салыңкы; 2) жүүнү бош, тың эмес.

МАҢГЕЛ *зат.* Сабагы катуу чөптөрдү оруурга, куурай алууга ылайыкталган орок.

МАҢГИ I *зат.* 1. **баңги** менен бирдей.

2. *өт.* Дөдөй, макоо, келесоо. *Адам болбой баарыбыз, Маңги болгон экенбиз* («Эр Төштүк»).

МАҢГИ II *сын.* Түбөлүк.

МАҢДА *этиш.* Өсүмдүк көбүнчө боюна чыгып жапырт өсүп кетүү. *Буудай маңдап кетти. Түп албай маңдап кеткен картошка.*

МАҢДАЙ *зат.* 1. Баш сөөктүн каштан жогорку чачка чейинки бөлүгү, чеке. *Жалындуу илебине чыдай албай, Жалбарып маңдайыңдан өбөр элем* (Аалы). *Жоголуп кетсе белгилүү маңдайында агы бар* (Токтогул).

2. Бет алды тарап, бет жак, өзү турган жерден алганда каршы жагы. *Ал маңдайдагы зоонун чокусун карап калды* (Абдукаримов). *Суунун аркы маңдайында.. кырманчылар от жагышып, көжөсүн кайнатууда* (Айтматов).

3. Тагдыр жазмыш. *Ажалдуубуз өлөрбүз, маңдайга жазса көрөрбүз* («Сейтек»).

◆**Теке маңдай** — дал бет алды, тушу. *Жапар телеграфтын теке маңдайына эс алды* (Баялинов). **Маңдай-тескей** — бетме-бет. *Маңдай-тескей төрүнө Малчынын көрдүм жайлашын* (Осмонкул). *Биз бир жак, алар бир жак болуп маңдай-тескей турабыз.*

МАҢДАЙКЫ *сын.* Каршысындагы, бет маңдайындагы, бет алдыдагы. *Келе жатат калың кол, Маңдайкы сары белди ашып* («Эр табылды»).

МАҢДАЙЛАШ *этиш.* Бет маңдай келип салгылашуу, беттешүү, бетме-бет келүү. *Арыстан Манас баатырга Маңдайлашып калганы* («Манас»). *Маңдайлаша калганда Найза болот бул сака* («Эр Төштүк»).

МАҢДАЙЛАШУУ маңдайлаш этишинин кыймыл атоочу.

МАҢДАЙЧА *зат.* Босогонун үстүнкү туура жыгачы.

МАҢДОО маңда этишинин кыймыл атоочу.

МАҢКА *зат.* 1. Көбүнчө жылкыда болуучу жугуштуу оору. *Башты балта бузат, жылкыны маңка бузат* (макал).

2. Мурду бузулган, мурду мырык же шаңыракай, киңкилдеп мурдунан сүйлөп калган. *Котон жара менен ооруп, мурду маңка болгон* (Аалы). *Ич маңка. Туюк маңка.*

МАҢКАЙ *этиш.* Маңдайы жазы, мүчө түзүлүшү келишимдүү, сөөктүү келип бадырайып толмоч көрүнүү. *Асемдеп жакшы кийинген, Ак келин чыкты маңкайган* (Маликов). *Күлайым маңкайып толмоч* (Бейшеналиев).

МАҢКАҢ: маңкаң-маңкаң басуу — алчактай кере-кере арыш таштап, башын өйдө көтөрө басуу.

МАҢКАҢДА *зат.* Маңкаң-маңкаң баскан көрүнүштө болуу.

МАҢКАҢДАТ маңкаңда этишинин аркылуу мамилеси.

МАҢКАҢДОО маңкаңда этишинин кыймыл атоочу.

МАҢОО маңыроо менен бирдей.

МАҢЫЗ I *зат.* 1. Дандын, мөмөнүн, жемиштин ширеси, тамактын негизи, ширеси. *Тамактын маңыздары организмге тароодон мурда боорго барат* («Ден соолук»).

2. Маани, негизги маани. *Өзү сөзмөр өнөрлүү, сөзүнүн чыкты маңызы* (Калык).

МАҢЫЗ II *сын.* **Маанисиз көп сүйлөөк, бабыр, эзме.** *Мээни ачыта турган маңыз адам эле* (Жантөшев). *Пайдасы жок кеп айтып, Маңыз сөздү чиритет* (Токтогул).

МАҢЫЗДАН *этиш.* Кайта-кайта кайталап, маанисиз эзип, мыжып сүйлөй берүү. *Маңызданып сүйлөө.*

МАҢЫЗДАНУУ маңыздан этишинин кыймыл атоочу.

МАҢЫЗДУУ *сын.* 1. Ширелүү, маңызы бар.

2. Мазмундуу, маанилүү. *Нуркасым эң маңыздуу кылып сөз сүйлөдү* (Баялинов). *Маңыздуу эч нерсе айтпады.*

МАҢЫРОО *сын.* Келесоо чалыш, бир нерсени, айтканды сезбеген, элебеген; дендароо жүргөн. *Кычан үйлардын баары эле өзүлөрүнүн сыңар мүйүз маласындай маңыроо болот деп ойлоочу* (Бейшеналиев).

МАРА I *зат.* Жарышта, мелдеште чыгып келгендиги белгиленүүчү акыркы чек. *Марага кадимкидей тизгин кагышып келерсиңер* (Бейшеналиев).

МАРА II *этиш.* Тиктөө, көз айырбай кароо, мадала тиктөө. *Качыруучу жолборстой Марап турган сен кимсиң?* («Манас»).

МАРАЛ *зат.* Бугунун ургаачысы. *Үркүп чыкса маралы Сайгактаган инектей* («Манас»).

◆**Марал кулак** — жоон сабактуу, шыпыргы гүлдүү, көп жылдык өсүмдүк.

МАРГАНЕЦ *зат.* Агыш күмүш түстүү оңой менен эрибей турган морт металл, химиялык элемент.

МАРГАРИН *зат.* Өсүмдүк майына башка заттарды кошуп же өсүмдүк майы менен малдын майын аралаштырып жасалган тоң май.

МАРДЕК *зат.* Даны чыгарылып алынган жүгөрүнүн сотосу.

МАРДЫКЕР мандикер менен бирдей.

МАРЖАН *зат. диал.* Шуру. *Көрөсүң жайнап жатканды Маржанды бойго тагынып* (Бөкөнбаев).

МАРКА I *сын.* 1. Кенже. *Марка бала. Марка уул.*

2. Аялдар тарабынан тергөө иретинде айтылганда козуну билдирүүчү сөз.

МАРКА II *зат.* 1. Көбүнчө, кандайдыр бир сүреттөр тартылып, төлөнгөн баасы көрсөтүлгөн, каттардын жана башка бир катар документтердин бетине жабыштырылуучу төлөө белгиси.

2. Завод-фабриканын товардагы тамгасы (белгиси).

3. Германиядагы жана Финляндиядагы акча бирдиги.

МАРКАБАТ *зат.* Ырайым, мээрим. *Кана, Мөкүш, сен да ырдай кой бир ирет, Маржан эне Маркабатын билдирет* («Ала-Тоо»).

МАРКАБАТТУУ *сын.* Ырайымдуу, мээримдүү. *Кантсе да киндик кесип кирин жууган, Биздин маркабаттуу бир боор жер* (Осмонов).

МАРКАМАТ маркабат менен бирдей.

МАРКСИЗМ *зат.* Табият менен коомдун өнүгүш закондору жөнүндөгү, эзилген эмгекчи массанын революциясы жөнүндөгү, бардык өлкөлөрдө социализмдин жеңиши жана коммунисттик коомду куруу жөнүндөгү илим.

МАРКСИЗМ-ЛЕНИНИЗМ *зат.* Маркс — Энгельс — Лениндин окуусу.

МАРКСИСТ *зат.* Марксизмди жактоочу, марксизмдин жолун жолдоочу.

МАРКСИСТТИК *зат.* Марксизмге таандык. *Марксисттик көз караш. Марксисттик илим.*

МАРКУМ *зат.* Урматтоо иретинде өлгөн адамга карата айтылуучу сөз. *Маркум Огонбай тирүүсүндө.. бир нерсени кыңгыратып черте коюучу* (Каимов).

МАРЛИ марля менен бирдей.

МАРЛЯ *зат.* Жара байлоо үчүн колдонулуучу, ажыракай, жумшак, жука кездеме, даки. *Зуура ак марля оролгон колун сууруп көрсөттү* (Баялинов).

МАРОО мара этишинин кыймыл атоочу.

МАРТ I *зат.* Календарлык жылдын үчүнчү айы. *Март айы болсо да азыр бул жерде жаз белгиси жок* (Жантөшев).

МАРТ II *сын.* Колдо болгонун аябаган, берешен, колу ачык, жоомарт. *Көңүлүн жазат жалпынын Көңүлү ачык, март адам* (Барпы). *Берген март эмес, алган март* (макал).

МАРТАБА *зат.* Даража, кадыр-барк. *Календердин мартабасы күндөн-күнгө көтөрүлө баштады* (Жантөшев). *Бактылуу болсо эр жигит, Мартабасы озбойбу* («Олжобай менен Кишимжан»).

МАРТАБАЛУУ *сын.* Кадыр-барктуу, даражалуу, ардактуу. [*Тойго*] *Таластын баш-аягындагы мартабалуу кишилер гана чакырылган* (Каимов).

МАРТСЫН *этиш.* Өзүн март киши сыяктуу көрсөтүүгө аракет кылуу, берешен, колу ачык көрүнүмүш болуу. *Илбирс өңдүү тапканымды мыкчыбай, Мартсынамын элдин ишин көргөндө* (Аалы).

МАРТСЫНУУ мартсын этишинин кыймыл атоочу.

МАРТТЫК *зат.* Колу ачыктык; берешендик, март, берешен экендигин билдирүүчү сапат. *Берсең берер кезегиң, Марттык кылсаң бир атты* (Токтогул). *Ашым өзүнүн досунун марттыгын мактай баштады* (Каимов).

МАРТУУ *зат.* Мифтик түшүнүк боюнча: төрөт мезгилинде пайда болгон, көзгө көрүнбөгөн кереметтүү жан. *Куучу жүргөн жерде төрөгөн аялды мартуу баспайт* (Каимов).

МАРТЧЫЛЫК марттык менен бирдей.

МАРУУ мары этишинин кыймыл атоочу.

МАРЧА *зат.* Шор топурак, көбүнчө жапайы айбандар тузсураганда жалачу шор, жалак. *Бадалдан бугу бышкырат, Марчадан элик бакырат* («Манас»).

МАРШ I *зат.* 1. Стройдо ыргагы менен бир калыпта басуу ыгы.

2. Аскердик жүрүш тартиби менен бир орундан экинчи орунга жылуу.

3. Марш ритми менен жазылган музыкалык чыгарма.

МАРШ II *сырд.* 1. Стройдогу кыймылдын башталышын билдирүүчү команда катарында колдонулат.

2. *сүйл.* Жөнөп кетүү, кетүү жөнүндө буйрук берүү катарында колдонулат.

МАРШАЛ *зат.* 1. Көрүнүктүү жана өзгөчө айырмаланган жогорку коман-

далык составдын адамдарына СССР Жогорку Совети тарабынан жекече берилүүчү генералдан жогорку аскердик наам жана ушундай наамы бар адам. *Советтер Союзунун маршалы. Артиллериянын маршалы. Авиациянын маршалы. Тулпары туйлап маршалдын, Ооздугун кемирет* (Бөкөнбаев).

2. Кээ бир мамлекеттердин армиясындагы жогорку аскердик наам же чин, ушундай наамы бар адам.

МАРШРУТ *зат.* Өтө турган, токтой турган жерлери, багыты мурдатан белгиленип коюлган жол. *Туристтик жүруштүн маршруту.*

МАРЫ *зат.* Кең-кесири болуп кеңеле түшүү, байып калуу, жыргай түшүү.

МАС *сын.* 1. Ичкилик ичүүнүн негизинде алгачкы ал-абалынан тайыган, мастык абалына келген, абдан кызуу. *Арак ичкен тойдо мас, акылы жок күндө мас* (макал). *Жаман адам элге кас, акылсыз жигит күндө мас* (Барпы).

2. Эңги-деңги, каалгыган, ыракатка баткан (көбүнчө абалга карата). *Жыттадым алып мен бүгүн, Чалкыды көккө көңүлүм: Мас болдум атыр жытына* (Үмөталиев).

3. *өт.* Менменсинип, чиренип керсейүүчүлүк, абдан көпкөнчүлүк. *Байды кудай урарда Дөөлөтүнө мас болот* (макал).

МАСЕЛЕ *зат.* 1. Чечилишин талап кылып турган милдет, абал; чечилиши керек болгон проблема. *Тенти Кычанга орчундуу маселелерди айтты* (Бейшеналиев). *Экинчи маселеде уюштуруу иштери каралды* (Каимов).

2. Кээ бир маалыматтар келтирилип, ошонун негизинде белгилүү жолдорду колдонуп чыгаруунун талап кылган эсеп. *Маселе чыгаруу. Маселелер жыйнагы.*

МАСЕЛЕН мисалы менен бирдей.

МАСКА *зат.* Бетке кийүү, тартынып алуу үчүн ар түрдүү максаттарда атайын ылайыкталып жасалган кеп. *Күүгүм айнек маскаларын кийинишип, Эки киши иштеп жатат темирди* (Аалы).

МАСКАРА *зат.* 1. Уят абал, уятка калгандык, айыбы ачылгандык. *Маскара болот эмеспи убададан тайыган* (Жантөшев).

2. Уяты чыккан кишиге карата же тилдөө иретинде колдонулуучу сөз. — *И-ий маскара! — деди Батыш, Чегирткенин маданиятсыз жоруктарын сүрөттөп* (Сыдыкбеков).

МАСКАРАД *зат.* Катышуучулары маска жана ар түрдүү тамашалуу кийим менен чыгуучу зоок кечеси.

МАСКАРАЛА *этиш.* Уят кылуу, шылдыңдоо, маскара кылуу. *Төрөнүн бетин ачып маскаралап, Кылмышын калтырбастан чукуп салат* (Шимеев).

МАСКАРАЛАТ маскарала этишинин аркылуу мамилеси.

МАСКАРАЛОО маскарала этишинин кыймыл атоочу.

МАСКАРАЛЫК *зат.* Уят болгон, шылдың болгон абал, шерменделик, уятсыздык.

МАСКАРАПОЗ *зат.* 1. Цирктин элди күлдүрүп, куудулдануучу артисти. *Бетине кызыл боёкту жаап, мурдунун үстүнө кепил койгон үкөйгөн чачтуу маскарапоз куудулданып сүйлөп жатат* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Кебетеси же кандайдыр бир кылык-жоругу менен күлкү келтирерлик, шылдың болорлук абалда калган киши.

МАСКАРАЧЫЛЫК маскаралык менен бирдей.

МАССА *зат.* 1. Жуурулган камырга окшогон коюу же суюгураак келген зат, аралашма.

2. Көпчүлүк эл, көпчүлүк.

МАССАЖ *зат.* Денени чыныктыруу же косметикалык максаттарда адамдын денесин укалап, ышкылап сүрүү ыгы.

МАССАЖДА *этиш.* Массаж жасоо.

МАССАЖДАТ массажда этишинин аркылуу мамилеси.

МАССАЖДОО массажда этишинин кыймыл атоочу.

МАССАЛЫК *сын.* 1. Көпчүлүк катышкан, көпчүлүк эл катышкан. *Жумушчулардын массалык кыймылы.*

2. Көп санда, көп. *Массалык түрдө өндүрүү.*

МАСТАН *зат.* 1. Элдик жомоктордо кездешүүчү ашкан митаам куйту кемпир. *Ошол мастан жеө кемпир Айганышты көрдү эми* («Мендирман»).

2. *сүйл.* Ушакчы, сүйлөөк, какчандаган кемпир. [*Калдаманын*] *куулук-шумдугу ашкандыктан мастан деп аталган экен* (Каралаев).

МАСТЕН мастан менен бирдей.

МАСТЕР *зат.* 1. Кандайдыр бир өнөр колунан келген тажрыйбалуу жумушчу.

2. Чеберчилиги, билгичтиги менен өзүнүн ишинде чоң жетишкендиктерге жеткен адам; кандайдыр бир ишке чебер, эпчил адам, устат.

3. Цехке, сменага ж. б. административдик жана техникалык жагынан жетекчилик кылуучу адам. *Сменалык мастер.*

4. Көрүнүктүү спортсмендерге, шахматисттерге берилүүчү наам жана ушундай наамы бар адам. *Спорттун мастери. Шахмат боюнча эл аралык мастер.*

МАСТЕРСКАЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир буюмдарды жасап чыгаруу же ремонт кылуу жумуштарын жүргүзүүчү ишкана жана ушундай ишкана жайгашкан жай, үй. *Кийим тигүү мастерскаясы.*

2. Негизинен ремонт иштерин жүргүзүүчү өнөр жай ишканасы. *Темир жол мастерскаясы.*

3. Заводдун же цехтин бөлүмү.

4. Художниктердин, скульпторлордун иштей турган жайы, өзүнчө үйү.

МАСТЕРСКОЙ мастерская менен бирдей.

МАСТЫК *зат.* 1. Мас болгондук, мас болгон кишинин абалы. *Жылуу-Булактын оюнда өң зөөкүрлөр бозо ичип отуруп, мастыктан чатак чыгат* (Элебаев).

2. Көпкөндүк.

МАСЧЫЛЫК мастык менен бирдей.

МАСШТАБ *зат.* 1. Узундук өлчөмүнүн чыныгы чоңдугунун планда, картада ж. б. кичирейтип алынган чени, каты шы. *100*

километр бир сантиметр масштабы менен алынган карта.

2. *өт.* Арым, чондук өлчөмү, өз кучагына алгандык. *Кеңири масштабдагы иштер. Областтык масштабдагы кызматкер.*

МАТ *зат.* Шахмат ойнунда королдун коргонуу мүмкүндүгү бүткөн, уттуруу абалы. *Мат жарыялоо. Мат болуу.*

МАТА I *зат.* Пахтадан кустардык жол менен өрмөктө согулган кездеменин бир түрү. *Матаны киет түрлөнтүп, Бачайы көйнөк кийгендей* (Тоголок Молдо). [*Чалдын*] *үстүнө кийгени.. мата көйнөк* (Жантөшев).

МАТА II *этиш.* **1.** Матоо менен ийүү, ныгыра басып ийүү, кыйшайта катуу кере тартуу, керектүү формага келтирип ийүү. *Уукту матады. Керегени матады.*

2. Жылбас кылып байлоо, кере-кере тартып кыймылдагыс кылып байлоо, кабыра байлоо. [*Асантайлар*] *Асекти жигиттери менен матап алышат* (Сыдыкбеков).

3. Башка жакка өтүп кеткис кылып туюкка тосуу, туюкка такап камалган абалда кармоо. *Он алты айры куу бугу отуздай маралды матап турган экен* (Жантөшев).

4. Кекетүү, жекирүү, кекээр сөз айтуу. *Эмитен сөзүн алып коёюн дедиби, Көкө түсүн үйрүп, кыр көрсөтө минтип матады* (Касымбеков).

МАТАЛ мата этишинин өздүк мамилеси.

МАТАТ мата этишинин аркылуу мамилеси.

МАТАШ мата этишинин кош мамилеси.

МАТЕМАТИК *зат.* Математика боюнча специалист.

МАТЕМАТИКА *зат.* Чондуктарды, сандардын катышын, мейкиндик формаларын, үйрөнүүчү илимдердин жыйындысы (арифметика, алгебра, геометрия, тригонометрия ж. б.).

МАТЕРИАЛ *зат.* **1.** Кандайдыр бир максатта колдонуу үчүн керек болгон нерсе, зат, сырьё. *Курулуш материалдары. Техникалык материалдар.*

2. Кездеме, материя. *Костюмдук материал. Пальтолук материал.*

3. Кандайдыр бир ишке, чыгармага же бир нерсени далилдөө үчүн негиз болуучу, ошого пайдаланылуучу маалыматтар. *Доклад жасоо үчүн топтолгон материалдар. Тергөө ишинин материалдары.*

МАТЕРИАЛДУУ *сын.* Ан-сезимге көз каранды болбогон, заттык, физикалык, нерселик касиетке тиешелүү өзгөчөлүккө ээ. *Материалдуу дүйнө.*

МАТЕРИАЛДУУЛУК *зат.* Ан-сезимге көз каранды болбогон затка, нерсеге таандык касиет, өзгөчөлүк. *Дүйнөнүн материалдуулугу анын өзүндө.*

МАТЕРИАЛИЗМ *зат.* Идеализмдин илимге карама-каршы келген жоболорун төгүнгө чыгарган, дүхсуз эле материя, жаратылыш, объективдүү реалдуулук эң биринчи пайда болгондугун, объективдүү дүйнө ан-сезимге, ойлоого көз каранды эмес, өзүнчө жашай тургандыгын, дүйнөнү жана анын закон ченемдүүлүктөрүн таанып-билүү мүмкүндүгүн далилдеген илимий философиялык багыт. *Тарыхый материализм. Диалектикалык материализм.*

МАТЕРИАЛИСТ *зат.* Философиялык материализмдин жолун жолдоочу киши.

МАТЕРИАЛИСТТИК *сын.* Материализмге негизделген, материализм принциптерине ылайык келүүчү. *Жаратылыштын кубулуштарын материалисттик түшүнүү. Коомдук турмуштун көрүнүштөрүнө материалисттик мамиле кылуу.*

МАТЕРИАЛЧЫ арызчы менен бирдей.

МАТЕРИК *зат.* Жер шарындагы океандар жана деңиздер менен курчалып турган эң зор кургактык, континент. *Африка материги.*

МАТЕРИЯ *зат.* **1.** *филос.* Кишинин ан-сезиминен тышкары жана ага көз каранды болбогон объективдүү реалдуулук.

2. Физикалык телолорду түзгөн зат. *Материянын түзүлүшү. Материянын сакталуу закону.*

3. Кездеме, материал. *Пахтадан жасалган материя.*

МАТКЕ I *зат. сүйл.* Үйдүн төбөсүнө коюлуучу тоголок же төрт кырдуу негизги устун.

МАТКЕ II *зат. сүйл.* Аарынын ургаачысы. *Маткеси челектен чыгып учса, бир уя аары аны ээрчип жөнөйт* (Таштемиров).

МАТОО I *зат.* **1.** Кереге, ууктун ийилген жери. *Керегенин матоосу. Ууктун матоосу.*

2. Кереге, уукту ийүү үчүн ылайыкталган курал.

3. Байлоо. *Өргүш толгон жылкым бар, Матоо толгон төөм бар* («Эр Төштүк»).

МАТОО II мата этишинин кыймыл атоочу.

МАТРАС *зат.* **1.** Жатканда алдыга салуу үчүн ылайыкталган калың шырылган төшөнчү.

2. Ошондой милдет аткарган диван, керебеттин адам жата турган алды пружиналуу торчосу, олпогу.

МАТРАЦ матрас менен бирдей.

МАТРОС *зат.* Командалык составга кирбеген катардагы моряк жана да граждандык флотто кеме командасында кызмат кылуучу адам.

МАТРОСКА *зат.* **1.** Матростун жазы кайырма жакалуу көйнөгү.

2. Аялдардын жана балдардын ушундай формада тигилген көйнөгү.

3. Балдардын матрос шапкасына окшош баш кийими.

МАТЧ *зат.* Шахмат ойнунда же спорттун башка бир түрү боюнча эки тараптын же эки команданын мелдеши.

МАТЫР *этиш.* Суюк нерсеге салуу, чөгөрүү, чөмүлтүү, терең малуу. [*Кычан*] *чөгөлөй жонун дүгдүйтүп.. кулагына дейре матырып башын сууга малды,* (Бейшеналиев). *Дмитрий чыңалган калакты тепшидеги сууга матырды* (Сыдыкбеков).

МАТЫРТ матыр этишинин аркылуу мамилеси.

МАТЫРУУ матыр этишинин кыймыл атоочу.

МАХАБАТ *зат.* Ашыктык, сүйүү, сүйүү сезими. *Зыйнатка кайрат берген.. Байтерек экөөнүн ортосундагы жалындуу махабат менен анты эмеспи* (Аалы).

МАХАББАТ махабат менен бирдей.

МАУЗЕР *зат.* Автоматтык пистолеттин бир түрү. *Кабынан маузерин сууруп алып.. үч-төрт атып жиберди* («Ала-Тоо»).

МАХОРКА *зат.* Тамеки өсүмдүгүнүн сабагынан жана жалбырагынан майдаланып жасалган төмөнкү сорттогу тамеки. *Махоркадан чылым ороп алып, ..Дмитрий: — Да! — деди адетинче* (Сыдыкбеков).

МАЧТА *зат.* 1. Кемеде парус бекитилүүчү мамы. *Пароходдун так мачтасына чейин агарып муз тоңуптур* (Баялинов).

2. *тех.* Электр сымдары асылуучу, сигнал берилүүчү ж. б. максаттарда колдонулуучу бийик мамы.

МАШ I *зат.* Бирдей өндүү карталардын чоңу менен кичинесин басууга туура келген карта оюнундагы мүмкүнчүлүк, шарт. *Ачага маш тийип, басып чыгып кетти.*

МАШ II *сын.* 1. Кандайдыр бир нерсени иштөөгө көнүгүп калган, машыккан; кыймыл-аракети тез. *Оймоктуу катын ишке маш* (макал).

2. Белгилүү, дайын. *Шыңга-Кечүү, Таш-Кечүү, Алмамбет билген маш кечүү* («Манас»).

МАША I *зат.* 1. Эски мылтыктын кууга от коюучу, от алдыруучу тетиги. *Машаны ирмедим. Машага от коюу.*

2. Атылуучу куралдарда атуу үчүн сөөмөйү менен басып жиберүүчү тетиги.

МАША II *зат.* Чаккан жери ачышып ооруган ичке денелүү чиркейдин бир түрү. *Машанын мурду батпаган, Чиркейдин мурду өтпөгөн* («Манас»).

МАШАА маша I менен бирдей.

МАШААКАТ *туурасы*: **машакат.**

МАШАЙЫК *зат.* 1. Диний түшүнүк боюнча: кудай сүйгөн олуя, баарын билген, көзү ачык. *Аты кызыр, машайык Ал ооздуктан алыптыр* («Сейтек»).

2. *өт.* Эң мыктысы, эң кыйыны.

МАШАК *зат.* Буудай, арпа сыяктуу өсүмдүктөрдүн сабагына улай кеткен башы, оруп-жыйнап алгандан кийинки аңызда калган эгиндин башы. *Биз анда машак терип балдарды бакканбыз* (Айтматов).

МАШАКАТ *зат.* Убарачылык, түйшүк, азап, кыйноо. *Кыз узатуунун толгон машакаты кедей ата-энеге оор экени Батийнага белгилүү* (Сыдыкбеков). *Караңгыда калың токой арасынан жүрүү айтып бүтүргүс машакат* (Жантөшев).

МАШАКАТСЫЗ *сын.* Убаракерчилиги жок, убарасыз, түйшүксүз.

МАШАКАТТАН *этиш.* Кур бекер убараланууу, түйшүк тартуу, азап тартуу.

МАШАКАТТАНУУ машакаттан этишинин кыймыл атоочу.

МАШАКАТТУУ *сын.* Убарасы көп, түйшүктүү, азаптуу, машакаты көп. *Бака.. балапан жүрөгүн чочутуп таштаган машакаттуу окуяны көз алдына.. элестетип заапгана берди* (Бейшеналиев).

МАШАКТА *этиш.* Эгиндин башын колго чогултуу, терүү, жыйноо.

МАШАКТАТ машакта этишинин аркылуу мамилеси.

МАШАКТОО машакта этишинин кыймыл атоочу.

МАШАЯК машайык менен бирдей.

МАШИНА *зат.* 1. Энергияны бир түрдөн экинчи бир түргө айландыруу жолу менен кандайдыр бир иш, жумуш аткарган механизм же механизмдердин жыйындысы. *Буу машинасы. Айыл чарба машиналары. Кийим тигүүчү машина.*

2. Кандайдыр бир механизмдин жардамы менен кыймылга келүүчү транспорт каражаты (көбүнчө автомобиль жөнүндө). *Жүк ташуучу машина. Жеңил машина.*

МАШИНАЛАШТЫР *этиш.* Машинанын, механизмдин күчү аркылуу ар кандай иште, жумушту иштетүү, кыймылга келтирүү; ишке, жумушка машинаны, механизмдерди көбүрөөк колдонуу.

МАШИНАЛАШТЫРУУ машиналаштыр этишинин кыймыл атоочу.

МАШИНАЧЫ *зат.* Кийим тигүүчү, машина менен кийим тигүүгө устат киши.

МАШИНИСТ *зат.* 1. Машинаны (1-маанисинде) башкарган адам. Экскаватордун машинисти. *Эй, машинист! Айда тынбай, Айда тынбай, аркырат!* (Элебаев).

2. Локомотивди башкарган темир жолчу.

МАШИНИСТКА *зат.* Жазуу машинкасында иштөөчү аял. *Апам машинистка, редакцияда иштейт* (Абдыраманов).

МАШИНИСТКА *зат.* Кандайдыр бир жумушту аткаруу үчүн колдонула турган прибор. *Жазуу машинкасы. Чач алуучу машинка.*

МАШКЕ *зат.* Канаттууларды жытынан табуучу аңчылыкка пайдаланылуучу ит. *Ээрчиткенибиз Апек аттуу машке* (Каимов).

МАШТА *этиш.* 1. Үйрөтүү, такшалтуу, маш кылуу. *Үлгү берип маштадың Өспүрүм келин-кыздарды* (Осмонкул).

2. Айтар сөзүн даярдоо, камдоо. *Чачылба бекер баатыр — деп, Айтарга сөзүн маштады* («Эр Табылды»).

МАШТОО машта этишинин кыймыл атоочу.

МАШЫГУУ машык этишинин кыймыл атоочу.

МАШЫК I *зат.* Маш болгондук, көнүккөндүк, такшалгандык.

МАШЫК II *этиш.* Үйрөнүп, көнүгүп калуу, такшалуу, маш болуу. *Кичинемден бардык ишке машыккам* (Осмонкул).

МАШЫКТЫР машык этишинин аркылуу мамилеси.

МАЯК *зат.* 1. Жаркырап күйүп кемелерге жол көрсөтүп турууучу мунара. *Маяк болуп кылаана, Күйгүм келет Ысык-Көл* (Аалы).

2. *өт.* Жол көрсөтүүчү, өрнөк болгон, үлгү болгон адам. *Бүт дүйнөгө эркгин жолун көрсөтүп, Бардык жерге маяк болуп каратат* (Аалы). *Ал [Гаганова, Мамай] маяктардын жарыгы алыска-алыска тараган* («Жаш ленинчи»).

МАЯТНИК *зат.* 1. Салаңдатып асылган термелме таякча.

2. Саат механизмин кыймылга келтирүүчү сааттын ичиндеги дөңгөлөкчөлөр.

МЕБЕЛЬ *зат.* Шкаф, стол, стул, диван сыяктуу үй буюмдары. *Үчөөнүн көзү жаңы мебелдерге тигилүүдө* (Бейшеналиев).

МЕГЕЖИН *зат.* Ургаачы чочко. *План боюнча Сабыркул ар мегежинден он алтыдан торопой берүүгө тийиш* («Кыргызстан аялдары»).

МЕГИЛЖИН *туурасы:* **мегежин.**

МЕДАЛИСТ *зат.* Окуу жайын (мектепти) эң жакшы бүтүргөндүгү үчүн медаль алган адам.

МЕДАЛЬ *зат.* Сиңирген бөтөнчө эмгеги же каармандыгы үчүн сыйлык белгиси катарында берилүүчү бетине кандайдыр рельефтик сүрөт салынып, сөз жазылган металлдан жасалган тегерек пластинка; ушундай эле формадагы мектепти артыкчылыгы менен бүтүргөндөргө, конкурстун, мелдештин жеңип чыгуучуларына берилүүчү же белгилүү бир тарыхый датага арналып чыгарылуучу айырмалоо белгиси.

МЕДЕР *зат.* Таяныч, бел кылган жөлөк, үмүт. *Тынч күндө төрөлдүң, Кагылайын медерим* (Осмонкул). *Жакшы аял эр азаматтын аскар тоодой медери* (Жантөшев).

МЕДЕТ *зат.* Жардам. *Качып калган калың кыргыз журтуна Бир жараткан өзү медет этсе экен* (Турусбеков).

МЕДИК *зат.* Медицина жагынан специалист.

МЕДИКАМЕНТ *зат.* Дары-дармек, дарылоо каражаттары. *Дарылоо мекемелери эң жаңы медициналык жасалгаларды, медикаменттерди алды.*

МЕДИРЕСЕ медресе менен бирдей.

МЕДИЦИНА *зат.* Оорулар, аларды дарылоо жана алдын ала эскертүү жөнүндөгү илимдин жыйындысы.

МЕДИЦИНАЛЫК *сын.* Медицинага таандык. *Медициналык комиссия. Акысыз медициналык жардам. Медициналык пункт.*

МЕДРЕСЕ *зат. тар.* Мусулмандардын жогорку диний мектеби.

МЕЗГИЛ *зат.* Белгилүү бир убакыт; учур, маал. *Мезгил өткөн сайын чоң элдин санаасы алда нече бөлүндү* (Сыдыкбеков). *Эртең жайлоого көчөбүз деп турган мезгил* (Абдумомунов).

◆ **Мезгил-мезгили менен** — кээде, кезек-кезек.

МЕЗГИЛДҮҮ *сын.* Мезгил-мезгили менен болуучу же чыгуучу, белгилүү бир учурга туура келген. *Мезгилдүү жумуш.*

МЕЙИЗ *зат.* Жүзүмдүн кургатылган мөмөсү. *Ханга жаңгакты коюп, мейиз алып барыңыз* («Жомоктор»). [*Куржундун*] *бир көзүнөн эки кагаз чай, бир канча өрүк, мейиз, кант чыкты* («Советтик Кыргызстан»)

МЕЙИЛ пейил менен бирдей.

МЕЙИРМАН мээрман менен бирдей.

МЕЙКИН *сын.* 1. Кенири, мелтиреген, жайык. *Мекеним — көз жеткеген мейкин түздөр* (Маликов). *Шаңданды шайыр элибиз, Гүлдөдү мейкин жеribиз* (Сасыкбаев).

2. Мейкиндик.

МЕЙКИНДИК *зат.* Кең, жайык жер. *Жайнаган жашыл мейкиндик, Койнунда биз да желпиндик* (Бөкөнбаев).

МЕЙЛИ *бөл.* Макул (болгондукту, каршы эместикти билдирүү үчүн колдонулат. — *Э, мейли, баатыр. Аты ким болсо, а болсун, анын элге келтирген пайдасын айтыңызчы* (Сыдыкбеков). *Ырдай гой, мейли, Макишти уялтам десеңиз, орусча ырдап жибериңиз* (Сыдыкбеков).

МЕЙМАН *зат.* Конок, сый көрүүчү адам. *Аттан түш. Мейман болуп кет* (Каимов). *Меймандарга кымыз куя башташтыы* (Аалы).

МЕЙМАНДА *этиш.* Конок кылып сыйлоо. *Баарын сүйлө, чоң атаңа меймандап, Болгар, чехтин дыйкандары жатканын* (Аалы). *Жолдош Исаевди ушул мейманканада бир ай меймандаса эмне болор эле?* («Чалкан»).

МЕЙМАНДОО мейманда этишинин кыймыл атоочу.

МЕЙМАНДОС *сын.* Мейман күтүүнү, сый көрсөтүүнү жакшы көргөн, сыйчыл. *Балдар кыргыздын меймандос салтын айтып жатышты* (Бейшеналиев). *Меймандос адамдар.*

МЕЙМАНДОСТУК *зат.* Мейман күтүүнү, сый көрсөтүүнү жакшы көргөндүк, сыйлоочулук. [Белек] *өзүнүн меймандостугун көрсөтүүдө* (Убукеев). *Алайдын кыргыздары көрсөткөндөй меймандостукту эч качан унутпайм* (Абдукаримов).

МЕЙМАНКАНА *зат.* Жолоочулар конуп кетүү үчүн арналган үй, жай.

МЕЙМАНЧЫЛ меймандос менен бирдей.

МЕЙНЕТ мээнэт менен бирдей.

МЕЙРИМДҮҮ мээримдүү менен бирдей.

МЕКЕ I *зат. диал.* Жүгөрү. *Меке, беде айдады* (Барпы).

МЕКЕ II *зат.* Жазында, жайында чала сууган жылкынын моюнунун кээ бир жеринен чыгып туруучу кан.

МЕКЕМЕ *зат.* Белгилүү штаттагы кызматкерлери, администрациясы бар соода, айыл-чарба ж. б. тармактарын башкарган уюм. *Мамлекеттик мекеме. Илимий мекеме.*

МЕКЕН *зат.* Туулуп-өскөн жер, жашап турган, турук алган жер. *Мекеним үчүн талыкпай кызмат кыламын* (Сасыкбаев). *Мекени үчүн тынымсыз, Ак иштөөгө тилеги* (Осмонкул). *Четинди мекен этип каршакылдак сайрап отурат* (Жантөшев). *Саагындым Ала-Тоону, туугап элди, Ата-энем мекен кылган ыйык жерди* (Абдыраманов).

◆ **Ата мекен** *к.* **ата** 1.

МЕКЕНДЕ *этиш.* Турук алуу, жашоо, байыр алып туруу. *Мекендеп кыштак түшкөн болучу* (Сыдыкбеков). *Бул жерди эмгекчи эл мекендеген* (Осмонкул).

МЕКЕНДЕТ мекенде этишинин аркылуу мамилеси.

МЕКЕНДЕШ *сын.* Мекени бир, бир мекенде, бир өлкөдө жашаган, жердеш. Ме-

кендештердин мамилеси күндөн күнгө ныгайды (Жантөшев). *Казак эли—мекендешим, ырдашым, Казак эли—түбөлүккө сырдашым!* (Аалы).

МЕКЕНДӨӨ мекенде этишинин кыймыл атоочу.

МЕКЕРИ *зат.* Элдик медицинада колдонулган дары чөптүн бир түрү. *Тогуз төбө, мекери, Ажырык, ак чөп, бетеге, Балтыркан менен кымыздык, Даамдуу чөптү жедирдим* (Тоголок Молдо).

МЕКИР *сын.* Далысы ичин карай ийилген, бүкүрөйгөн.

МЕКИРЕН *этиш.* 1. Оозун чала ачып көмөкөйдөн күңүрт, ачык эмес дабыш, үн чыгаруу (кой жөнүндө). *Ак кой мекиренип, козуларын шапылдатып жалай баштады* (Жантөшев).

2. Күлүп жаткан сыяктуу ичтен дабыш чыгаруу. *Мырза мекиренип жесирдин сырын тартуунун аракетинде* (Бектенов).

МЕКИРЕНҮҮ мекирен этишинин кыймыл атоочу.

МЕКИЯН *зат.* Тооктун жана тоок тукумуна кирүүчү канаттуулардын ургаачысы. *Чаар мекиян чый-пыйы чыгып саманды беш-алты тегеренип жүгүрдү* («САЖИ»). *Павлиндин мекияны чүрпөсүн жаңсап жүрөт* (Аалы).

МЕКТЕП *зат.* 1. Жаш жеткинчектерге билим жана тарбия берүү ишин жүргүзүүчү окуу-тарбия мекемеси. *Баштапгыч мектеп. Орто мектеп.*

2. Белгилүү адистерди даярдап чыгаруучу окуу жайы. *Трактористтердин мектеби. Музыкалык мектеп.*

3. Башынан өткөргөн окуя, тажрыйба. *Турмуш мектеби.*

4. Илимдин, искусстволун, адабияттын ж. б. коомдук аң-сезимдин бир формасындагы багыт, агым.

◆Жогорку мектеп — жогорку окуу жайларынын жалпы жонунан аталышы. **Мектеп-интернат** — өзүнүн алдында жатаканасы бар, жаштарды окутуп билим, тарбия берүүчү окуу жайы.

МЕКЧЕЙ *этиш.* 1. Көөдөнү алга жүткүнүп, бели кайкалаган абалда болуу. *«Мен Мыскал апамын» деп таягын бир колу менен таянып, мекчее басып жакындады* (Убукеев). *Азыркы күнү карасам, Белим барат мекчейип* («Манас»).

2. Чоң тойгондо эңкее албай кекирейип калуу. *Чаңкап баран жаным төрт чай чыны кымызды бирден тарттым да, мекчейип олтуруп калдым* («Чалкан»).

МЕКЧЕЙТ мекчей этишинин аркылуу мамилеси.

МЕКЧЕЙҮҮ мекчей этишинин кыймыл атоочу.

МЕКЧИЙ мекчей менен бирдей.

МЕЛДЕШ I *зат.* 1. Балбандардын, баатырлардын алдуу-күчтүүлүгүн, аттын күлүктүгүн, ар кандай артыкчылыгын, чеберчилигин ж. б. **көрсөтүү максатында мөрөй алуу үчүн, артыкчылыгын билдирүү үчүн болгон сынак, оюн.** *Баатырлыктын белгиси, Байгени алат мелдештен* (Осмонкул). *Аттары күлүк, жигити эр, Жарышкан чыккан мелдештен* (Осмонкул). *Мелдеш үч күнгө созулду* (Жантөшев). *Спорттук мелдеш.*

2. Эмгек процессинде эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн көтөрүлгөн демилге, күрөш, жарыш. *Социалисттик мелдеш. Октябрь майрамы алдындагы мелдеш.*

МЕЛДЕШ II *этиш.* 1. Жүзөгө ашкан же аша элек иштин анын билүү же жарышта артыкчылыгын көрсөтүү максатында бир нерсе сайып убадалашуу. *Алдырып ийдим мөрөйдү мелдеше кетип атым чаап* («Эр Төштүк»). *Атын мелдешти.*

2. Ар кандай ишти тез, ылдам бүтүрүү, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн күрөшүү, демилге көтөрүү, күрөшкө чыгуу. *Кел берилеп, кеңеш эли мелдешет Машинасын кара алтынга жемдешет* (Бөкөнбаев). *Кой багуудан эпкиндүүлүк көргөзөт, Көбөйтүүгө Асан менен мелдешет* (Осмонкул).

МЕЛДЕШТИР мелдеш этишинин аркылуу мамилеси.

МЕЛДЕШҮҮ мелдеш этишинин кыймыл атоочу.

МЕЛЖИ: асман мелжүү, көк мелжүү *же* **обо мелжүү** — аябай бийик көрүнүү.

МЕЛИОРАТИВДИК *сын.* Мелиорацияга таандык. *Мелиоративдик жумуштар.*

МЕЛИОРАТОР *зат.* Мелиорация жагынан специалист.

МЕЛИОРАЦИЯ *зат.* Саздарды кургатуу, көчмө кумдарды токтотуу, сугаруу сыяктуу иштерди жүргүзүү аркылуу жердин асылдуулугун жакшыртуу чаралары-нын системасы.

МЕЛИОРАЦИЯЛЫК *сын.* Мелиорацияга таандык. *Мелиорациялык чаралар.*

МЕЛМИЛДЕ *этиш.* Калкып, мемиреп-гендей абалда болуу, мелт-мелт эткен абалда, же көз жетпеген сыяктуу көрүнүү. *Ыйманкул эвөөбүз.. мелмилдеген көк жайыкты бет алып жүрүп кеттик* (Элебаев). *Айкын асман.. көмкөрүлгөндөй болуп көк жээк мелмилдейт* (Сасыкбаев).

МЕЛМИЛДӨӨ мелмилде этишинин кыймыл атоочу.

МЕЛМИРЕ мелмилде менен бирдей. *Мелмиреген сулуу Нева дарыяга Бүт дүйнөнүн лирикасы баткандай* (Маликов).

МЕЛОДИКА *зат.* 1. Мелодия жөнүндөгү окуу.

2. Ырдын, күүнүн мелодиялык түзүлүшү.

МЕЛОДИЯ *зат.* Белгилүү бир музыкалык бирдикти, обонду түзүүчү жагымдуу үндөрдүн ыраатуулугу. *Ырында эл ырларынын элпек ыргагы, назик мелодиясы бар* («Ала-Тоо»).

МЕЛОДИЯЛУУ *сын.* Уккулуктуу, кулакка жагымдуу.

МЕЛОДИЯЛЫК *сын.* Мелодияга таандык.

МЕЛТ: мелт-мелт *же* **мелт-калт** — толтура, кырына чейин (суюк нерселер жөнүндө). *Ченемсиз кубатындай өз элинин Жай толкуп мелт-мелт этет Волга дарыя* (Абдыраманов). *Колундагы кесеге кы-*

мызды мелт-калт куйдуруп алып кыз обон созо берди (Сыдыкбеков).

МЕЛТЕЙ: көк мелтей—өжөр, көк, өз оюна келгенин бербеген. *Көрбөгөнгө бул кызык, Көк мелтейлер тырмышып, Токтото албас жаңыны Тоодой тоскоол тургузуп* («Чалкан»).

МЕЛТИЛДЕ *этиш.* Суюктук мелт-калт эте толтура болуу. *Өзөндө сулар мелтилдеп, Ыргалат шибер желпилдеп* (Барпы).

МЕЛТИЛДЕТ мелтилде этишинин аркылуу мамилеси.

МЕЛТИЛДӨӨ мелтилде этишинин кыймыл атоочу.

МЕЛТИРЕ *этиш.* 1. Мелмилдөө, мелтилдөө, учу-кыйырсыз көрүнүү. *Мелтиреген түз менен Берендер келет жашырып* («Эр Табылды»). *Көгөрүп көлү мелтиреп, Көңүлгө көп ой келтирет* (Үбукеев).

2. Көзүн ирмебей, же көз айырбай, унчукпаган, сөз катпаган абалда болуу. *Токтогулдун тегерек, кичинекей көздөрү жер менен арбашып жаткандай мелтиреди* (Аалы). *Кээде кара таштай мелтиреп мүнөз күткөн кыз* (Сыдыкбеков).

3. Сулуу болуп көрүнүү. *Бели кындай, бети айдай, Мелтиреген Айсалкын Тосуп туран көрүнөт* («Эр Төштүк»).

МЕЛҮҮН *сын.* Ысык да эмес, суук да эмес, орточо. *Айлана мелүүн тартып жым-жырт* (Сасыкбаев).

МЕЛҮҮНДӨ *этиш.* Аба ырайы сууп, салкын тартуу, мелүүн болуу.

МЕЛҮҮНДӨӨ мелүүндө этишинин кыймыл атоочу.

МЕЛҮҮНДӨТ мелүүндө этишинин аркылуу мамилеси.

МЕЛЧЕМДҮҮ мерчемдүү менен бирдей.

МЕМИРЕ *этиш.* Көшүгөн, каалгыган тынч абалда болуу. *Мемиреген уйку. Мемиреген тынчтык. Мемиреген түн.*

МЕМИРЕТ мемире этишинин аркылуу мамилеси.

МЕМИРӨӨ мемире этишинин кыймыл атоочу.

МЕМОРАНДУМ *зат.* Кандайдыр бир маселе боюнча өкмөттүн көз карашы баяндалган дипломатиялык документ.

МЕМОРИАЛДЫК *сын.* Кандайдыр бир киши же окуя жөнүндө түбөлүк эстелик болуу үчүн кызмат кыла турган. *Мемориалдык доска. Мемориалдык курулуш.*

МЕН *ат.* Сүйлөп жаткан тарапты, сүйлөөчүнүн өзүн билдирүү үчүн колдонулат. *Мен Чалкалмак болгону Жоодон качып көрбөдүм* (Сыдыкбеков). *Бурулуп мага келе кет, Алымкан, муңдууга салбай кыйын иш* (Токтогул). *Кана, Макиш, мени уят кылбай ырдап жиберчи* (Сыдыкбеков).

МЕНДЕ *туурасы:* **пенде**.

МЕНЕН I *жанд.* Бирге экендикти, чогуу экендикти же кандайдыр бир куралды колдонгондукту билдирүү үчүн колдонулат. *Менин жерим — жыргал менен толгон жер, Менин элим — тайманбаган баатыр эл* (Аалы). *Жакшы — эли менен, жер — кени менен* (макал).

МЕНЕН II *байл.* Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштыруу үчүн колдонулат. *Алар бул жерге плотина үчүн шагыл таштар менен кумдарды ташууда* («Ленинчил жаш»).

МЕНИМЧЕ *такт.* Өзүнүн ою боюнча. *Менимче.. көрүп калса керек* («САЖИ»).

МЕНИНГИТ *зат. мед.* Мээ кабыгынын оорушу.

МЕНМЕНСИ менменсин менен бирдей.

МЕНМЕНСИН *этиш.* Бой көтөрүү, пейил күтүү, кекирейүү. *Өзүнө жан теңебей менменсингендей мисиреет* (Сыдыкбеков).

МЕНМЕНСИНҮҮ менменсин этишинин кыймыл атоочу.

МЕНСИН менменсин менен бирдей.

МЕНТ: мент кылуу — кокустукка учуратуу, өлтүрүү, жайлоо. *Кезиккенди кент кылган, Алышканды мент кылган* («Сейтек»).

МЕНЧИК *зат.* Бирөөгө таандык болгон мүлк, нерсе, каражат. *Социалисттик менчик. Колхоздук-кооперативдик менчик. Жеке менчик.*

МЕНЧИКТЕ *этиш.* Бир нерсени өзүнө таандык кылып алуу, өзүмдүк кылып алуу; ээлеп алуу, менчиги деп эсептөө. *Менчиктеген кой. Менчиктеген бак.*

МЕНЧИКТЕЛ менчикте этишинин туюк мамилеси.

МЕНЧИКТӨӨ менчикте этишинин кыймыл атоочу.

МЕНЧИКТҮҮ *сын.* Бирөөгө таандык, бирөөнүн менчигиндеги өзүмдүк. *Менчиктүү мал. Менчиктүү мүлк.*

МЕНЬШЕВИЗМ *зат.* Россиянын социал-демократтык жумушчу партиясында болгон майда буржуазиячыл, оппортунисттик, революцияга каршы агым.

МЕНЬШЕВИК *зат.* Меньшевизмди жактоочу, марксизмге каршы оппортунисттик партиянын мүчөсү.

МЕНЬШЕВИКТИК *сын.* Меньшевизмге, меньшевикке таандык. *Меньшевиктик көз караш.*

МЕНЮ *зат.* Столоваяда, ресторанда тамактын тизмеси.

МЕҢ *зат.* Кишинин денесиндеги бүртүйүп турган кичинекей кара так, бүртүйүп турган кичинекей кал. [*Зарылдын*] *оң кашынын астынан кичинекей меңи көрүнөт* (Сыдыкбеков).

МЕҢДУБАНА *зат.* Кызгылт көгүш түстүү гүл ачуучу, жыты адамдын башын айландыруучу уулуу өсүмдүк. *Тегерек аянтчаны калдагай жалбырак, меңдубана, алабата, шыралжын баскан* (Бейшеналиев).

МЕРГЕН *зат.* 1. Мылтык менен уучулук кылган адам.

2. Таамай жазбай атуучу адам. *Уч уулу— үчөө бирдей ашкан мерген* (Үмөталиев).

3. Мергенчилик. *Мергенге чыгуу.*

МЕРГЕНДИК *зат.* Аңчылык, аң уулоочулук, мергенчилик кесиби. *Мергендик жакка шыктуусуң* («Эр Төштүк»). *Эт бышырып, от жаккан—Мергендиктин белгиси* (Токтогул).

МЕРГЕНЧИ *зат.* Мылтык менен аңчылык кылган адам, мерген. *Тайганын ээрчите.. мергенчи да аскадан түшүп келди* (Сасыкбаев). *Илгери өткөн заманда Дыйканбай деген мергенчи болуптур* («Жомоктор»).

МЕРГЕНЧИЛИК *зат.* Аңчылык, аң уулоочулук. *Нурбай мергенчиликти атасы Тургундан үйрөнгөн* (Баялинов).

МЕНДИКЕР *туурасы:* **мандикер**.

МЕРЕЗ *сын.* Башкаларга көп аралашпаган, сүйлөшпөгөн, суз мүнөз. *Мээримге кимдер балкыбайт, Мерездер гана түтпөсө* («Ала-Тоо»).

МЕРИДИАН *зат.* Экваторду тик бурч менен кесип, жер шарынын Түндүк жана Түштүк полюстарын басып өтүп бириккен сызык, линия.

МЕРИНОС *зат.* Уяң жүндүү койдун тукуму. *Миңдеген кой меринос Багып турган кезеги* (Тоголок Молдо).

МЕРСЕТ *туурасы:* **парзант**.

МЕРТ: **мерт болуу** — 1) бертинүү, мертинүү, денесинин бир жери чыгып же кокустап калуу; 2) Күтпөгөн жерден өлүү, кандайдыр бир кокустуктан өлүү.

МЕРТЕ мертебе менен бирдей.

МЕРТЕБЕ *зат.* Ирет, жолу, эсе. *Беке, сага миң мертебе ыракмат* (Байтемиров). *Күндүк, айлык нормаларын Беш мертебе ашырган* (Бөкөнбаев).

МЕРТЕМ мертебе менен бирдей.

МЕРТИК I бертик менен бирдей.

МЕРТИК II мертин менен бирдей.

МЕРТИН *этиш.* Бир жери, көбүнчө, бели, кокустап калуу же чыгып кетуу. *Күчтүү күчөнсө — күчүнө келет, күчү жок күчөнсө — бели мертинет* (макал).

МЕРТИНТ мертин этишинин аркылуу мамилеси.

МЕРТИНҮҮ мертин этишинин кыймыл атоочу.

МЕРЧЕМ *зат.* Белгилүү бир чек, болжолун билдирген белги.

МЕРЧЕМДҮҮ *сын.* Болжолдуу, урунттуу, белгилүү. *Токойдун чет жагындагы мерчемдүү жерге жеттим* (Бөлөкбаев). *Алым мерчемдүү жерге жакындаганда арка жагын карап тура калды* (Жантөшев).

МЕСТКОМ *зат. сүйл.* Профсоюздук уюмдун жергиликтүү комитети.

МЕТАЛЛ *зат.* Ийилип же майтарылуучу, жылуулукту жана электрди жакшы өткөрүүчү химиялык жөнөкөй зат, эритме, кошунду. *Түстүү металлдар. Кара металлдар. Асыл металлдар. Жеңил металлдар.*

МЕТАЛЛУРГ *зат.* Металлургия жагынан специалист.

МЕТАЛЛУРГИЯ *зат.* Металл өндүрүп чыгаруу боюнча оор өнөр жайынын бир тармагы. *Түстүү металлургия. Кара металлургия заводу.*

МЕТАЛЛУРГИЯЛЫК *сын.* Металлургияга таандык.

МЕТАТЕЗА *зат. линг.* Сөздөгү муундардын же тыбыштардын орду илгерикийин алмашып келиши, түшүшү. Мисалы, *тегирмен* дегендин ордуна *темирген* деп колдонуу.

МЕТАФИЗИК *зат.* Метафизикалык көз карашты жактоочу.

МЕТАФИЗИКА *филос.* Жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын, өз ара бири-бири менен болгон байланышын, өнүгүш-өсүшүн, кыймылын, өз ара ички каршылыктарын танып, эч өзгөрбөй турган нерсе катары караган идеалисттик философиялык окуу.

МЕТАФИЗИКАЛЫК *сын.* Метафизикага таандык.

МЕТАФОРА *зат. ад.* Бир нерсенин кебете-кешпирине, окшоштугуна, мүнөздүү белгисине карата каймана түрдө айтылган сөз же сөз тизмеги.

МЕТЕОР *зат.* Планета аралык мейкиндиктен түшүп жердин атмосферасында кызарып күйгөн сыяктуу тез жылуучу тело.

МЕТЕОРИТ *зат.* Планета аралык мейкиндиктен жерге түшкөн таштуу металл массасы сыяктанган физикалык тело.

МЕТЕОРОЛОГ *зат.* Метеорология жагынан специалист.

МЕТЕОРОЛОГИЯ *зат.* Жердин атмосферасы менен анын түзүлүшү, касиеттери жана андагы физикалык процесстердин өзгөрүшү жөнүндөгү илим.

МЕТЕОРОЛОГИЯЛЫК *сын.* Метеорологияга таандык. *Метеорологиялык байкоолор. Метеорологиялык станция.*

МЕТИС *зат.* Метистештирүүнүн натыйжасында алынган аргын (мал, айбан же өсүмдүк).

МЕТИСТЕШ *этиш.* Аргындашуу. *Метистешкен мал. Метистешкен кой.*

МЕТИСТЕШТИР метистеш этишинин аркылуу мамилеси.

МЕТИСТЕШҮҮ метистеш этишинин кыймыл атоочу.

МЕТОД *зат.* Кандайдыр бир нерсени ишке ашыруууда же теориялык изилдөөдө колдонулуучу ыкма, жол. *Марксисттик диалектикалык метод. Алдынкы метод.*

МЕТОДИКА *зат.* Бир нерсени жүзөгө ашырууда же бир нерсеге үйрөтүүдө колдонулуучу методдордун жыйындысы. *Кыргыз тилин окутуунун методикасы.*

МЕТОДИКАЛЫК *сын.* Методикага таандык.

МЕТОДИСТ *зат.* Кандайдыр бир сабакты окутуунун методу жагынан специалист.

МЕТОДОЛОГИЯ *зат.* Жалпы илимий метод жөнүндөгү же айрым илимдердин методдору жөнүндөгү окуу.

МЕТР *зат.* Метрикалык системада жүз сантиметрге барабар болгон узундук өлчөмү.

МЕТРИКА *зат.* Качан туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүк.

МЕТРИКАЛЫК *сын.* Метрикага таандык.

МЕТРО метрополитен менен бирдей. *Москвадагы метро. Ленинград метросу.*

МЕТРОЛОГ *зат.* Метрология жагынан специалист.

МЕТРОЛОГИЯ *зат.* Өлчөө-чендер жана таразалар жөнүндөгү илим.

МЕТРОПОЛИТЕН *зат.* Шаарларда жер астынан жүргүзүлгөн электр темир жолу.

МЕТРОПОЛИЯ *зат.* Өзүнүн колониясына, эзүүчү территориясына карата үстөмдүк жүргүзгөн капиталисттик мамлекет.

МЕХАНИЗАТОР *зат.* 1. Механизация жагынан специалист.

2. Ар кандай механизмдерди, машиналарды тейлөөчү специалист (көбүнчө айыл чарба машиналары боюнча).

МЕХАНИЗАЦИЯ *зат.* Ар кандай кол эмгеги менен иштелүүчү иштерди жана өндүрүштү машиналар, механизмдер менен жабдуучулук.

МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТЫР *этиш.* Ар кандай иштерди, өндүрүштү механизм, машина менен иштетүү, жабдуу.

МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТЫРУУ механизациялаштыр этишинин кыймыл атоочу.

МЕХАНИЗМ *зат.* Машинаны же приборлорду кыймылга келтирүүчү анын ички түзүлүшү. *Шахта механизмдери. Саттын механизми.*

МЕХАНИК *зат.* 1. Механика жагынан специалист. *Инженер-механик.*

2. Механизмдин аракетине байкоо жүргүзүүчү жана аларды ремонт кылуучу адам.

МЕХАНИКА *зат.* 1. Кыймылдын жана анын күчүнүн мейкиндикте пайда болушун текшерүүчү физиканын бөлүмү. *Теориялык механика.*

2. Кыймыл жана анын күчү жөнүндөгү окууну практикалык максаттар үчүн колдонуу маселесинин үстүндө иштеген техниканын бир тармагы. *Курулуш механикасы.*

МЕХАНИКАЛЫК *сын.* 1. Механикага таандык. *Механикалык кыймылдаткыч. Механикалык мастерская.*

2. Шак эле, жөн эле; ошол замат; ойлонулбастан, өзүнөн-өзү.

МЕЧИН *зат.* Мүчөлдүн тогузунчу жылы. *Мечин жылы.*

МЕЧИТ *зат.* Мусулмандар намаз окуй турган үй. *Мечитке карай басышты Сопулар селде чалынып* («Мендирман»).

МЕШ I *зат.* 1. Үйдү жылытуу, тамак бышыруу үчүн ылайыкталган, ичине от жагылуучу жасалга. *Мешке салынган таш көмүр алоолоно күйүп, үйдүн ичи ысып чыкты* (Сасыкбаев). *Кой көң жагылган темир мештин бир капталы чоктой кызарды* (Убукеев).

2. Бир нерсени ысытуу жолу менен иштетүү үчүн курулган жасалма, курулуш. *Домна мешь. Кирпич бышыруучу меш.*

МЕШ II *диал.* Чанач.

МЕШКЕЙ *диал.* Соргок.

МЕШОК *зат.* Ичине чубурма заттар жана майда-чуйда буюмдар салынуучу кендирден же кездемеден жасалган кап, ошондой эле ошол сыяктуу формадагы кагаз пакет.

МЕЩАН мещанин менен бирдей.

МЕЩАНДЫК I *зат.* Мещандардын идеологиясы жана психологиясы; мүдөөлөрдүн майдалыгы, идея жана коомдук түшүнүктүн тардыгы.

МЕЩАНДЫК II *сын.* 1. Мещандарга таандык.

2. *өт.* Майда мүдөөлүү идея жана коомдук түшүнүгү тар. *Мещандык көз караш.*

◆**Мещандык сословие** — майда соодагерлерден жана кол өнөрчүлөрдөн, төменкү кызматкерлерден турган падышалык Россиядагы сословие.

МЕЩАНИН *зат.* 1. Мещандык сословиеге таандык адам.

2. *өт.* Майда мүдөөлүү, идея жана коомдук түшүнүгү тар киши.

МИВА мөмө менен бирдей.

МИЗ *зат.* Бычак, кылыч, канжар сыяктуу нерселердин курч жагы. *Кылычтын мизи. Чалгынын мизи. Канжардын мизи.*

◆**Мизи кайтуу**— 1) мокоо, мокоп калуу; 2) коркуп калуу, деми суун калуу, батына албай, жүрөгү даабай калуу.

МИЗДЕ *этиш.* Миз чыгаруу, чыноо.

МИЗДЕТ мизде этишинин аркылуу мамилеси.

МИЗДӨӨ мизде этишинин кыймыл атоочу.

МИЗДҮҮ *сын.* Мизи бар, миз чыгарылып жасалган; мизи курч, кырлуу. *Кара жерди каңтарган Ак болот миздүү күрөгү* (Осмонкул). *Таманын тоонун миздүү таштары тилсе* [*Динар*] *кантет эле* (Сыдыкбеков).

МИЗИЛДЕ *этиш.* 1. Түз, өңгүл-дөңгүлү жок. *Мизилдеген жол. Мизилдеген талаа.*

2. Таза, кирсиз жаркырап туруу. *Үй ичиндеги көзгө урунган буюмдардын баары бир зор кубаныч күткөндөй мизилдейт* (Сыдыкбеков).

МИЗИЛДЕТ мизилде этишинин аркылуу мамилеси.

МИЗИЛДӨӨ мизилде этишинин кыймыл атоочу.

МИЙЗАМ I *зат. эс.* Закон. *Мийзамдын жолуна түшүнгөн киши* (Сыдыкбеков).

МИЙЗАМ II *зат.* Күз болгондо жел менен кошо учкан ак түстүү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе. *Мийзам учуп күз болуп* («Семетей»).

МИКРОБ *зат.* Микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү, көзгө илээшпеген бир клеткалуу организм; бактерия.

МИКРОБИОЛОГ *зат.* Микробиология жагынан специалист.

МИКРОБИОЛОГИЯ *зат.* Биология илиминин микроорганизмдерди изилдөөчү бөлүмү.

МИКРООРГАНИЗМ *зат. биол.* Микроскоп аркылуу гана көрүнүүчү жаныбарлар же өсүмдүктөр организми.

МИКРОСКОП *зат.* Көзгө илээшпеген майда нерселерди чоңойтуп көрсөтүүчү оптикалык прибор.

МИКРОФОН *зат.* Добушту, үндү алыс жерге угузуу үчүн же добушту, үндү катуу чыгаруу үчүн үн толкундарын электр тогунун толкунуна айландыруучу прибор.

МИКСТУРА *зат.* Түрдүү зат кошулуп жасалган суюк дары.

МИЛДЕТ *зат.* 1. Сөзсүз аткарууга тийиш болгон, адамдын мойнундагы иш, жоопкерчилик. *Өлкө коргоо улуу милдет биздеги* (Бөкөнбаев). *Кой багуу менин милдетим* («Ала-Тоо»).

2. Бир нерсеге жетүү үчүн болгон далалат, аракет, алдыга коюлган максат. *Биздин милдет — коммунизмди куруу.*

◆**Милдет кылуу** — дооматын артуу, док уруу. *Милдет кылып келген жан Тойдургун деп чалкалар* («Манас»).

МИЛДЕТКЕР *сын.* Жоопкерчилик жүктөлгөн, милдеттүү. *Жылкыга өзүм милдеткер.*

МИЛДЕТТЕН *этиш.* Бир нерсени иштөө, аткаруу милдетин алуу, өз мойнуна жүктөө. *Кыргызстандын кенчилери дагы он эшелон көмүр казып чыгарууга милдеттенди* («Советтик Кыргызстан»).

МИЛДЕТТЕНДИР милдеттен этишинин аркылуу мамилеси.

МИЛДЕТТЕНМЕ *зат.* Сөзсүз аткаруу милдетин алган убада, сөзсүз аткарууга убада кылынган милдет. *Коммунисттер менен комсомолецтер.. социалисттик мелдешке катышып, жогорку милдеттенмелерди алышты* («Коммунист»).

МИЛДЕТТЕНДИР милдеттен этишинин аркылуу мамилеси.

МИЛДЕТТЕНҮҮ милдеттен этишинин кыймыл атоочу.

МИЛДЕТТҮҮ *сын.* 1. Сөзсүз аткарылуучу, милдет болуп жүктөлгөн, милдеттендирилген. *Милдеттүү токтом. Милдеттүү окуу.*

2. Бирөөнүн же бир нерсенин аркасы менен жетишкендиги үчүн милдеткер. *Биз милдеттүү улуу оруска түбөлүк Эрк жалыны алар жокто күйбөдү* (Аалы).

МИЛИТАРИЗАЦИЯ *зат.* Басып алуучулук согуштарга даярдык көрүү максатында империалисттик мамлекеттердин экономикалык, саясий жана коомдук турмушун согуш закондоруна, согуш тартибине багындыруусу, милитаризм системасын жүргүзүү. *Экономикалык милитаризация.*

МИЛИТАРИЗАЦИЯЛА *этиш.* Милитаризация жүргүзүү, милитаризация кылуу.

МИЛИТАРИЗАЦИЯЛАН милитаризацияла этишинин өздүк мамилеси.

МИЛИТАРИЗАЦИЯЛОО милитаризацияла этишинин кыймыл атоочу.

МИЛИТАРИЗМ *зат.* 1. Империалисттик мамлекеттердин кураландууну күчөтүү жана жаңы империалисттик согушка даярдануу максатында жүргүзгөн реакциялык саясаты.

2. Капиталисттик өлкөлөрдө аскер чөйрөлөрүнүн саясий үстөмдүгү.

МИЛИТАРИСТ *зат.* Милитаризмди жактоочу.

МИЛИЦИОНЕР *зат.* Милициянын катардагы кызматкери.

МИЛИЦИЯ *зат.* 1. Коомдук тартипти жана коопсуздукту сактоочу СССРдеги административдик орган.

2. *сүйл.* Милициянын кызматкерлери; милиционер.

МИЛЛИАРД *сан.* Миң миллиондон турган сан.

МИЛЛИАРДЕР *зат.* Байлыгы миллиардга толгон, миллиард менен бааланган капитал ээси.

МИЛЛИГРАМ *сан.* Граммдын миңден бир бөлүгү.

МИЛЛИОН *сан.* Миң жердеги миңге барабар сан.

МИЛЛИОНЕР *зат.* 1. Байлыгы миллион же миллиондогон сомго (долларга ж. б.) жеткен бай адам, ушундай байлыктын ээси.

2. Кирешеси миллион сомго жеткен же миллиондогон сом болгон колхоздорго карата колдонулат. *Миллионер колхоз.*

МИЛТЕ *зат.* 1. Дүрмөткө от коюу үчүн колдонулуучу эшилген кебез; бир нерсени жаруу үчүн коюлган, салынган жарылгыч затка от жеткирүүчү ичке жип. *Ырдабай кантип коёмун, Дарылап милте от коюп, Капчыгай зоосун жарганын* (Сасыкбаев). *Мылтыктын көркү огунда, Милтенин көркү чогунда* (Токтогул).

2. Бир нерсенин четине же тигишине кошуп тигилүүчү ичке чүпүрөк. *Арасына оюунун Актан милте койдурган* (Тоголок-Молдо).

3. Чырактын билиги. *Бүлбүл жанган Кебез милте чырагы* (Маликов).

МИЛТЕЛҮҮ *сын. эс.* Милте аркылуу атыла турган. *Милтелүү мылтык.*

МИМИКА *зат.* Бир нерсеге кайгырган же күбанган сезимди билдирген бет булчуңдардын кыймылы; ушундай жол менен ички сезимди билдирүү искусствосу.

МИН *этиш.* 1. Бир нерсенин үстүнө (көбүнчө көлүккө) отуруу. *Төбгө минип, эчкиге жашынба* (макал). *Күрпөң-күрпөң жүгүртүп, Күлүктү минсең бир кызык* (Токтогул).

2. Транспорттон орун алуу, кандайдыр бир транспорт каражатына түшүп, жай алып бир жакка жөнөө. *Машина минип зыпылдап, Баратсам мейкин талаада* (Калык). *Танка минип сенин бөлөң баратат, Эрдигине таңыркатат, каратат* (Аалы). *Кайык миндик көлдүн айлуу түнүндө* (Мидин).

◆ **Итке минип калуу** *к.* ит.

МИНА *зат.* 1. Суунун ичине коюлуучу же жерге көмүлүп коюлуучу жарылма снаряд.

2. Миномёттон атылуучу жарылма снаряд.

3. Торпеда.

МИНГИЗ мин этишинин аркылуу мамилеси.

МИНГИЧ *зат.* Миниле турган жылкы. *Өзүңөр билип эле мен бир мингич сатып алгандай кылып, акчасын берсеңер болду* (Каралаев). *Тайлагыбыз бар эле мингич болсун үчүн аны бээге алмашканбыз* («Советтик Кыргызстан»).

МИНЕР *зат.* Мина коюу жана аны алуу боюнча специалист.

МИНЕРАЛ *зат;* жер катмарынын составына кирүүчү табигый химиялык бирикме же элемент. Жер астындагы химиялык тубаса кошунду.

МИНЕРАЛДЫК *сын.* Минералга таандык. *Минералдык туздар. Минералдык жер семирткичтер.*

МИНЕРАЛОГ *зат.* Минералогия жагынан специалист.

МИНЕРАЛОГИЯ *зат.* Минералдар жөнүндөгү илим.

МИНИАТЮРА *зат.* 1. Эски кол жазмалардагы, китептердеги боёк менен тартылган сүрөт же кооздолуп жазылган баш та мга.

2. Өтө чебер жана кооз иштелген кичинекей сүрөт же искусство.

3. Музыкалык же адабий кичинекей чыгарма.

МИНИАТЮРАЛЫК *сын.* Миниатюрага таандык.

МИНИМУМ *зат.* 1. Эң эле аз, максимумдун карама-каршысы.

2. Кандайдыр бир тармак боюнча берилүүчү билимдин же көрүлүүчү чаралардын зарыл болгон көлөмү, жыйындысы.

3. Эч болбогондо, жок дегенде.

МИНИСТЕРСТВО *зат.* Мамлекеттик башкаруунун айрым тармагын тейлөөчү бир-бирдик мамлекеттик мекеме жана да ошол мекеме жайгашкан үй. *Финансы министерствосу.*

МИНИСТР *зат.* Министерствону башкаруучу өкмөт мүчөсү. *Айыл чарба министри. Соода министри.*

МИНОМЁТ *зат.* Мина менен атуучу согуш куралы. *Замбирек менен миномёттун мөндүрдөй жаап турган огуна карабастан он жерден үзүлгөн сымды Айылчы улаштырып чыкты* (Бөкөнбаев).

МИНОМЁТЧИК *зат.* Миномёт бөлүктөрүндө иштөөчү жоокер, согуш кызматкери; миномёттон ок атуучу жоокер.

МИНОНОСЕЦ *зат.* Торпедалык курал менен жабдылган согуштук корабль.

МИНТ *этиш.* Мына ушундай кылуу, мына ушундай иштөө.

МИНТҮҮ минт этишинин кыймыл атоочу.

МИНУС *зат.* 1. Математикада кемитүү амалын жана терс чондукту билдирүүчү белги (—).

2. Бир нерсенин кемчилдиги, жетишпеген жагы.

МИНУТ минута менен бирдей.

МИНУТА *зат.* 1. Бир сааттын алтымыштан бир бөлүгүнө барабар болгон убакыт, 60 секундадан турган убакыт өлчөмү.

2. *геогр.* Бурчтарды жана дугаларды өлчөө үчүн колдонулуучу алтымыштан бир градуска барабар болгон единица; ал жазууда цифранын оң жагына ' деген белги менен белгиленет. 80°30' (80 градус 30 минута).

МИНҮҮ мин этишинин кыймыл атоочу.

МИҢ *сан.* 1000 деген сандын аты жана ошол сан. *Билимдүү миңди жыгат, билектүү бирди жыгат* (макал).

◆ **Миң сан** *к.* **сан II. Миңдин бири** — табылбаган, абдан зарыл, эң керектүү. *Кой; эчкинин аксагына марал кулак миңдин бири* (Жантөшев). **Миң кылган менен** — кантсе да, деген менен. *Миң кылган менен бул дагы үй го?* (Жантөшев). **Миңден бир** — өтө сейрек учуроо.

МИСАЛ *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсени аныктоо, далилдөө үчүн алынган жекече учур, далил, үлгү. *Акын бул тамсилди кимге мисал келтирген? Мисал үчүн алалык, Биздин эле жарбаңды* (Аалы).

2. Сыяктуу, окшош. *Таңга маал ойгонуп, Торгой мисал быжырап* (Токтогул).

МИСИРЕЙ *этиш.* 1. Суз, томсоргон, кекирейген көрүнүштө, кебетеде болуу. *Өзүнө жан теңебей менменсинген Батиш мисирейгенден мисиреет* (Сыдыкбеков). *Ачыбаган камырдай мисирейген жигит жигитпи?* (Аалы).

2. Мизилдеген, тасырайган көрүнүштө болуу. *Тим эле устара менен алгандай болуп беде аңызы мисирейип жатты* (Байтемиров).

МИСИРЕЙТ мисирей этишинин аркылуу мамилеси.

МИСИРЕЙҮҮ мисирей этишинин кыймыл атоочу.

МИСКЕ *зат.* Тегерек формадагы түбү чуңкур тамак-аш куюу үчүн колдонулуучу идиш. *Мискеге кымыз куюп келди* (Аалы).

МИСКЕЙ миске менен бирдей.

МИСКИН *зат.* Колунда жок, бечара карып. *Ыйлатып жесир-жетим мискиндерди, Семирген арам тамак доңуздарым* (Тоголок Молдо).

МИСПИЛДИРИК: миспилдирик болуу— дарексиз, дайынсыз жок болуу. **Миспилдирик кылуу** — жок кылуу, жоготуу, өлтүрүү.

МИССИОНЕР *зат.* Христиан чиркөөсү тарабынан башка диндеги калктын арасында диний пропаганда жүргүзүү жана аларды христиан динине киргизүүгө үгүттөө үчүн жиберилген диний үгүтчү.

МИССИОНЕРЛИК *сын.* Миссионерге таандык.

МИССИЯ *зат.* 1. Тапшырма, милдет. *Даңктуу Коммунисттик партия биздин өлкөбүздө коммунисттик коомду куруунун камсыз кылуу боюнча өзүнө улуу миссияны алды* («Коммунист»).

2. Кандайдыр бир ишмердин же коомдук топтун турмуштук, тарыхый ролу. *Акындын миссиясы. Пролетариаттын революциялык миссиясы.*

3. Кандайдыр бир мамлекетте дайыма туруучу башында посланник же ишке ишенилип коюлган адам болгон дипломаттык өкүлдүк.

4. Атайын максаттар менен башка өлкөлөргө жиберилген дипломатиялык делегация.

5. Миссионердик уюм.

МИСТЕ *зат.* Майда жаңгак сыяктуу мөмө берүүчү дарак же бадал өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн жемиши. *Мисте менен алча бар, Биз көрбөгөн канча бар* («Манас»). *Бадам да бар, шабдалы бар, мисте бар, Бул айтылган бардык жемиш бизде бар* (Калык).

МИСТИК *зат.* Мистиканы жактаган, анын жолун жолдогон адам.

МИСТИКА *зат.* Тиги дүйнөгө, кандайдыр бир табигаттан тышкары сырдуу күчкө ишенгендик.

МИСТИЦИЗМ *зат.* Мистикага негизделген диний идеалисттик көз караш, мистикага берилүүчүлүк.

МИСТОН *туурасы:* **пистон.**

МИТААМ *сын.* Куу, шум, кытмыр. *Бир таруунун жоктугун Митаам кемпир билиптир* («Эр Төштүк»).

МИТААМДЫК *зат.* Митаам адамдарга таандык сапаттар. *Чегиртке дале болсо митаамдыгын койгон жок* (Сыдыкбеков).

МИТААМЧЫЛЫК митаамдык менен бирдей.

МИТАЙЫМ митаам менен бирдей.

МИТЕ *зат.* I. Башка организмдин эсебинен жашоочу өсүмдүк же жаныбар.

2. *өт.* Арам тамак, жатып ичер, кан соргуч, зулум. *Сорпонун майын издеп мите бийлер, Алсызды опузалап тапчу жемди* (Турусбеков).

МИТЕКОР *зат.* Арам тамак, жатып ичер, жан бакты, кан соргуч, зулум.

МИТЕЛИК *зат.* 1. Башка организмдин эсебинен жашоочулук.

2. *өт.* Арам тамактык, жатып ичерлик, кан соргучтук, зулумдук.

МИТЕЧИЛИК мителик менен бирдей.

МИТИНГ *зат.* Кандайдыр бир олуттуу саясий маселеге байланыштуу көпчүлүк катышкан чогулуш. — *Митинг жабык, агайындар! — деди Шамбет көпчүлүккө* (Сыдыкбеков). *Жумушчуларды узатууга арналган чоң митинг да ачылды* (Сасыкбаев).

МИФ *зат.* 1. Укмуштуу баатырлар жөнүндө, кудай, дүйнөнүн жаратылышы жөнүндө айтылган байыркы элдик жомок.

2. *өт.* Ойдон чыгарылган, фантастикалуу, чындыкка жакындабаган.

МИФОЛОГИЯ *зат.* 1. Мифтердин жыйындысы.

2. Мифтерди изилдөөчү илим.

МИФОЛОГИЯЛЫК *сын.* Мифологияга таандык. *Мифологиялык сюжет. Мифологиялык баатыр.*

МИФТИК *сын.* 1. Мифке таандык.

2. *өт.* Легендарлык жомоктолгон, аңыз кылынган.

3. *өт.* Ойдон чыгарылган.

МИШ имиш менен бирдей.

МИЯЗ *туурасы*: пияз.

МОБИЛИЗАЦИЯ *зат.* 1. Аскер кызматын өтөгөн жоокерлерди согуштун чыгышына байланыштуу кайта аскер кызматына чакыруу жана тынчтык убактардагы куралдуу күчтөрдү, эл чарбасын согуштук абалдагы шарттарга көчүрүү, которуу.

2. *өт.* Кандайдыр бир ишти аткарууга жапырт кирүү.

МОБИЛИЗАЦИЯЛА *этиш.* 1. Аскер кызматын аткаруу үчүн жоокерлерди чакыруу, мобилизация жүргүзүү.

2. *өт.* Бардык күчтү кандайдыр бир ишти аткаруу үчүн багыттоо, бет алдыруу, жумшоо.

МОБИЛИЗАЦИЯЛАН мобилизацияла этишинин өздүк мамилеси.

МОБИЛИЗАЦИЯЛОО мобилизацияла этишинин кыймыл атоочу.

МОДА *зат.* Кандайдыр бир коомдук чөйрөдө белгилүү бир убакта үстөмдүк кылган жүрүш-туруш эрежеси, кийим формасы, чач жасоосу, үй жасалгасы, жалпы үрп-адаттары. *Модалар журналы. Модадан чыгып калуу. Мода боюнча кийинүү.*

МОДАЛУУ *сын.* Модага туура келген, модага ылайыктап жасалган.

МОДЕЛЧИ *зат.* Модель жасоо жагынан, дель даярдоо жагынан специалист.

МОДЕЛЬ *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсенин, буюмдун үлгүсү, кеби.

2. Көбүнчө кандайдыр бир нерсенин кичирейтилген кеби, үлгүсү; схемасы. *Кеменин модели.*

3. Конструкциянын тиби, маркасы, үлгүсү. *Автомобилдин жаңы модели.*

МОЖУ I божу менен бирдей.

МОЖУ II *зат. диал.* Чайнекти, чаканы асып кайната турган жыгачтан же темирден жасалуучу үч буттуу асма, тулга. [*Каныбек*] *отундан сындырып отту жагып, жыгач можуга чоң кара чаканы асты* (Жантөшев).

МОЗАИКА *зат.* 1. Ар кандай түстүү айнек сыныктарынан, мрамордон, эмалдан, түстүү таштардан ж. б. кынап, көбүнчө цементке жабыштырылып жасалган оюу, чийме же сүрөт.

2. Ушундай оюу-чиймелерди, сүрөттөрдү жасоо искусствосу.

МОЙЛОО *зат.* Мурут. *Орунтай Мырза такай кыркып жүргөн кыска мойлоосун ээн-жайкын коё берди* (Бейшеналиев).

МОЙМОЛЖУ *этиш.* Көзү коюлуп адамды өзүнө тарткандай сүйкүмдүү, мээримдүү кароо, тиктөө, жалжылдоо. *Карайсың көзүң моймолжуп, Качанкы сүйүүм ойлонтуп* («Ала-Тоо»). *Босого маңдай, боло көз, Моймолжуган ширин сөз* («Олжобай менен Кишимжан»). *Босого маңдай, боло көз, Моймолжуган аркар көз* («Олжобай менен Кишимжан»).

МОЙМОЛЖУН *сын.* Моймолжуган көз караштагы, моймолжуган. *Сурмалуу көзү моймолжун тартып.. ырдай баштады* (Сасыкбаев).

МОЙМОЛЖУТ моймолжу этишинин аркылуу мамилеси.

МОЙМОЛЖУУ моймолжу этишинин кыймыл атоочу.

МОЙНО *этиш.* 1. Колдон чыгып кетүү, жулуп кетүү. *Коштоодогу ат жигиттин колунан мойноп кетти* («Ала-Тоо»).

2. Макул болбоо, каршылык кылуу, моюн бербөө. *Ай, Канышай ай, Канышай, Тилимди албай мойнодуң* («Мендирман»).

МОЙНОК *зат.* 1. Малдын жана кийиктин моюн териси. *Текенин мойногу.*

2. Төөнүн мойнунун ийри жери. *Атыңдын башын тарт, өлөсүң! — деп, төөнүн мойногун тээп, саадагын кезеди* («САЖИ»).

3. Моюну ак ала болгон ит. *Козу деп келе жатканы, козу эмес ала мойнок күчүк болуп чыкканда селдее түштү.*

4. Ийри белес, өркөчтөнгөн. *Ээр белдей мойноктон Оргуп-оргуп чаң чыгат* («Эр Төштүк»). *Кырк күндүк кызыл чөлү бар, Ит жүрбөс мойнок жолу бар* («Эр Төштүк»).

МОЙНОО мойно этишинин кыймыл атоочу.

МОЙПОЙ *этиш.* Жоош, тынч көрүнүштө болуу. *Акимов мойпоюп балдарга карады* (Бейшеналиев).

МОЙПОНДО мойнодо менен бирдей.

МОЙСАПЫТ мойсопут менен бирдей.

МОЙСО *этиш.* 1. Эч нерсесин калтырбай жалмап жеп коюу, кайсоо.

2. Жок кылуу, өлтүрүү. *Үйгө кирип*

келишип мойсойт экен го деп.. душмандар.. качып калышты (Сасыкбаев).

МОЙСОЛ мойсо этишинин туюк мамилеси.

МОЙСОТ мойсо этишинин аркылуу мамилеси.

МОЙСОО мойсо этишинин кыймыл атоочу.

МОЙТОЙ *этиш.* Мотурайган жоош көрүнүштө болуу; толук монтойгон көрүнүштө болуу.

МОЙТОҢ: мойтоң,-мойтоң *туур.* Көбүнчө мойтойгон, мотурайган баланын, жаш төлдүн чуркагандагы, баскандагы кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Мойтоң-мойтоң секирип, Маарап койгон үнүндөн* (Осмонов).

МОЙТОҢДО *этиш.* Мойтоң-мойтоң этүү, мойтоң-мойтоң эткен көрүнүштө, элесте болуу. *Апам келатат! — дешип ар бир үйдөн мойтоңдогон кичинекей балдар жүгүрүп чыгышты* (Каимов).

МОЙТОҢДОО мойтоңдо этишинин кыймыл атоочу.

МОЙТОҢДОТ мойтоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

МОКО *этиш.* 1. Курч болбой калуу, мизи түгөнүү. *Балта мокоду. Орок мокоду.*

2. *өт.* Мурдагыдай өтүмдүү болбой калуу, батымсыз, жалтак болуп калуу. *Жыңайлак жөө басып, Мокодум кайрат курчумдан* (Токтогул). *Жүрөгүм мокоп калыптыр* («Эр Табылды»).

◆ **Орок мокосун** — ишиңер ийгиликтүү болсун деген мааниде орок оргон орокчуларга карата айтылуучу сөз.

МОКОЙ мокочо менен бирдей.

МОКОК *сын.* 1. Өтпөгөн, курч эмес. *Мокок балта. Мокок араа. Мокок бычак.*

2. *өт.* Өтүмсүз, батымы жок, жалтак. *Те-ек, эркек да, кыз да тартынбай ырдап жатышса, береги менин Орусбегим мокок белем* (Сыдыкбеков).

МОКОО моко этишинин кыймыл атоочу.

МОКОТ моко этишинин аркылуу мамилеси.

МОКОЧО *зат.* Көбүнчө балдарды коркутуу үчүн колдонулуучу, түрү суук, фантастикалык тири укмуштуу жан. *Молдо мокочону* (*топуракка, баткакка сонап алган Койлубайды*) *көрдү да качып кетти* («Жомоктор»).

МОЛ *сын.* Көп, толук жетиштүү, арбын. *Биздин Чүй боорунда кызылчанын мол түшүмүнө ээ болгон бир топ мастерлерибиз бар* (Жантөшев).

МОЛДО *зат.* 1. Эл арасында мусулман динин таратуучу жана үгүттөөчү, шарият айтып, ооруган кишини окуп, дем салуу менен кесип кылган дин адамы. *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул). *Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба* (макал).

2. Октябрь революциясынан мурда мусулман (дин) мектебинде окуган, арабча кат-сабаттуу адам. *Илгери чанда, бирок тил кат жаза билген молдо эле* (Сыдыкбеков). *Чакырды Бөкөй кат жаз деп, өзүнүн катчы, молдосун* («Саринжи—Бөкөй»).

◆ **Молдо болуу** — тентектиги, шоктугу жоюлуу, жоош, момун болуп калуу. **Ак молдо** — *сүйл.* арак. *Ак молдо турса сен кургур, Аганда салам бербейсиң* («Чалкан»).

МОЛДОЛУК *зат.* Молдонун кесиби; молдого таандык сапат, өзгөчөлүк. *Мунун молдолугу бар жигит* («Ала-Тоо»).

МОЛЕКУЛА *зат.* Белгилүү бир заттын негизги химиялык касиетин өзүндө сактаган эң майда бөлүкчөсү.

МОЛЛЮСК *зат.* Сырты мүйүз сыяктуу катуу кабык менен капталган, жумшак, килкилдек денелүү, омурткасыз жаныбар. [*Көлдүн түбүндө*] *ар түрдүү моллюскалар, суу чаяндар жашайт.*

МОЛО 1. Көргө кишинин өлүгү коюлгандан кийин үстү топурак менен толтурулуп үйүлгөн дөбөчө; бейит, мүрзө. *Алда кайда бир дунгандын жеринде томпоюп Бекдайырдын жалгыз молосу калды* (Элебаев). *Талаага түнөгөнчө молого түнө* (макал).

2. *сүйл.* Аялдар балдарды тилдегенде колдонулуучу сөз. *Баягы моло жок, кайда экен дешет* (Баялинов).

◆ **Моло таш** — эгин басуу үчүн колдонулуучу тегерек (узунча келген) таштан жасалган кырдуу таш, эмгек куралы.

МОЛОЙ *этиш.* Кулагынан ажыроо же бутак, бүрүнөн ж. б. ажыроо. *Кулагын кылыч шыпырып, Молойгондор дагы бар* («Манас»).

МОЛОЙТ молой этишинин аркылуу мамилеси.

МОЛОК *сын.* Кулагы жок, чунак. *Молок кулак.*

МОЛОТИЛКА *зат.* Эгин басуучу машина. *Нак ушул секундда береги чоң кырмандан дүкүлдөп молотилка жүрдү* (Сыдыкбеков).

МОЛТОЙ *этиш.* Абдан кыска кесилген, түп жагы эле калган көрүнүштө болуу.

МОЛТОҢ: молтоң,молтоң *туур.* Кыска, болук көрүнүштөгү кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат.

МОЛТОҢДО *этиш.* Молтоң-молтоң этүү. *Солтобай келет солтоңдоп, сакалы жок молтоңдоп* («Олжобай менен Кишимжан).

МОМ *зат.* Аары бал чогултууда үйүн куруу үчүн колдонгон чайыр сыяктуу зат жана жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн ошондой заты.

МОМО *зат.* Буууга бышырылган нан.

◆ **Момо тоголок** — курулуш материалы катарында көбүнчө дубал салууда колдонулуучу тоголоктолгон ылай. *Момо тоголоктон салган үй.*

МОМОЙ I момпой менен бирдей.

МОМОЙ II *этиш.* Сөзгө аралашпай, көп сүйлөбөй жоош, тынч жүрө берүү. *Ал качан көрсөң барга, жокко да бирдей карагандай момоюп жүрө туруган* («Ала-Тоо»).

МОМОЛОЙ *зат.* Териси керектелүүчү чоң чычкан. *Мышык кыр-кыр этип момолойду жеп жатты* («Жомоктор»).

МОМОСУЙ *зат.* Кебезден токулган түктүү кездеме. *Жол-жол момосуйдан тигилген көйнөгү бар* («Кыргызстан аялдары»).

МОМПОЙ *этиш.* Жоош, тентектик кыл-

баган абалда болуу, тынч момураган абалда болуу. *Чоң эне небересинен сурайт: Эмне момпоюп калгансың, ыя? Бир жериң ооруп жүрөбү?* (Сыдыкбеков).

МОМПОСУЙ *зат.* Ар кандай формада канттан ж. б. жасалган татты, таттуу тамак. *Балдарына кант, момпосуй, чай алды* (Каимов).

МОМУН I *сын.* 1. Жоош, кууланганды, кара ниеттикти билбеген. *Кудун болсо көпчүлүктүн ыркы менен жүрө берген момун бала* (Каимов). *Момундун ишин теңир жалгайт* (макал). *Момунда бар бир мүнөз, Акысын жебейт адамдын* (Токтогул).

2. Кудай деген, топук кылган адам. *Кудай деген момунду Күнөөсүнөн жат кылат* (Токтогул).

МОМУН II *зат.* Кызыл түстөгү төрт бурчтук сүрөтү бар картанын бир түрү. *Момундун балтасы. Момундун тузу.*

МОМУНСУН *этиш.* Жоош сыяктанып көрүнүүгө аракет кылуу.

МОМУНСУНУУ момунсун этишинин кыймыл атоочу.

МОМУРА *этиш.* Жоош болуу, бир калыпта, шоктонбой тынч мемиреген абалда болуу. *Көкө үй ичине алдыртан көз каптыра, момурап отурду* (Касымбеков). *Момураган коңур күз. Момураган жумшак түн.*

МОМУРАТ момура этишинин аркылуу мамилеси.

МОНАРХ *зат.* Мамлекеттин бардык бийлик колунда болгон башкаруучусу (падыша, король, император ж. б.).

МОНАРХИЗМ *зат.* Монархия мамлекеттик бийликтин бирден бир формасы деп эсептөөчү реакциячыл саясий агым.

МОНАРХИСТ *зат.* Монархизмди жактоочу.

МОНАРХИЯ *зат.* 1. Жогорку бийлик бир кишинин—монархтын гана колунда болгон мамлекеттик башкаруу формасы жана ушундай башкаруу формасы бар мамлекет. *Абсолюттук монархия. Конституциялык монархия.*

2. Жогоркудай башкаруу формасындагы мамлекет.

МОНАСТЫРЬ *зат.* 1. Менчигинде чиркөө керектөөлөрүнө жумшалуучу жер жана акча каражаттары бар монархтардын диний коому.

2. Ушундай коомго таандык болгон жер, турак-жай, чиркөө.

МОНАХ *зат.* Монастырдын уставы боюнча чачын кырктырып жана анда ошол уставдын талабына ылайык турмуштун ар кандай жыргалчылыгынан безип жашоо үчүн убада берген диний коомдун мүчөсү, такыба христиан адам.

МОНЕТА *зат.* Түрдүү баадагы ар кыл металлдан жасалган акча; тыйын. *Күмүш монета. Жез монета.*

МОНИЗМ *зат. филос.* Жаратылыш жана турмуш бир гана нерсеге—материяга же духка негизделет деп эсептөөчү философиялык окуу.

МОНОГРАФИЯ *зат.* Бир теманы, бир маселени изилдөөгө арналган илимий эмгек.

МОНОГРАФИЯЛЫК *сын.* Монографияга таандык.

МОНОЛИТТҮҮЛҮК *зат.* 1. Бир бүтүн, келки нерседен тургандык.

2. *өт.* Бирдиктүүлүк, биримдик, ынтымактуулук, бир бүтүндүк. *Партиянын монолиттүүлүгүн сактоо жөнүндө Ленин камкордук кылган* («Коммунист»).

МОНОЛОГ *зат. театр.* Драмалык жана башка адабий чыгармаларда айрым бир кишинин жанындагыларына, оюнга катышуучуларга же оюн көрүүчүлөргө карата айтылган узак сөз.

МОНОПОЛИСТ *зат.* 1. Кандайдыр бир ишти, нерсени өзүнүн монополиясына алган киши.

2. Ири капиталист, монополисттик капиталдын өкүлү.

МОНОПОЛИСТТИК *сын.* Монополистке таандык.

МОНОПОЛИЯ *зат.* 1. Бир нерсени иштеп чыгарууга же сатууга болгон артыкча укук. *Сырткы соода монополиясы.*

2. Чарбанын кандайдыр бир тармагында капиталды топтоштуруу жолу менен үстөмдүк жүргүзүү максатында кирешени көп табуу үчүн уюштурулган капиталисттик ири бирикме.

МОНОПОЛИЯЛЫК *сын.* Монополияга таандык.

МОНТАЖ *зат.* 1. Белгилүү план же чертеж боюнча машиналарды, жасалгаларды жыйнап жана орнотуу, куруу иши.

2. Фильмдердин, музыкалык жана адабий чыгармалардын, сүрөттөөлөрдүн айрым бөлүмдөрүнүн көркөмдүк жана мазмундук жактан бир бүтүндү түзүш үчүн ылганышы, бириктирилиши.

3. Жогоркудай (2-мааниде) жол менен түзүлгөн фильм, картина, чыгарма. *Адабий монтаж. Музыкалык монтаж.*

МОНТАЖДА *этиш.* Монтаж кылуу, бир бүтүнгө бириктирүү үчүн ылгоо, тандоо, даярдоо, монтаж жүргүзүү.

МОНТАЖДОО монтажда этишинин кыймыл атоочу.

МОНТАЖНИК *зат.* Монтаждоочу, монтаждоо ишин жүргүзүүчү.

МОНТЁР *зат.* 1. Машинанын бөлүктөрүн жыйнап, өз-өз ордуна коюучу киши, монтаждоочу.

2. Электр жасалгалары, электр өткөрүү иштери боюнча специалист; электромонтёр. *Бири жазгыч, бири кирпич бышырат, Бири монтёр, Ильич шамын тамызат* (Аалы).

МОНТОЙ *этиш.* Кичине, бирок толук, болтойгон көрүнүштө болуу. *Мингизип койгон тизеге Монтойгон эркек баласын* (Маликов).

МОНТОҢ: монтоң-монтоң *туур.* Монтойгон жаш балдардын же жандыктардын көбүнчө чуркагандагы, баскандагы кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат. *Монтоң-монтоң жүгүрүү.*

МОНТОҢДО *этиш.* Монтоң-монтоң эткен көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Кечеки монтоңдогон жаш бөбөктөр, бул күндө байтеректей өсүп кеткен* (Маликов).

МОНТОҢДОО монтоңдо этишинин кыймыл атоочу.

МОНТОҢДОТ монтоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

МОНУМЕНТ *зат.* Кандайдыр бир көрүнүктүү кишинин же окуянын урматына тургузулган архитектуралык же скульптуралык эстелик.

МОНУМЕНТАЛДУУ *сын.* 1. Зор, бакыбат, залкар.

2. *өт.* Зор маанилүү, негизи күчтүү.

МОНУМЕНТАЛДЫК монументалдуу менен бирдей.

МОНЧО *зат.* Буура отура турган жайы бар, жуунуп тазалануу үчүн атайлап салынган жай. *Күнү-түнү мончолор жагылып, кирибизди кетире жуундук* (Караалаев).

МОНЧОК *зат.* Жаркырап турган асыл таштан, айнектен ж. б. ар түрдүү формада жасалган ортосу көзөнөк, тизип алып аялдар көбүнчө кооздук катарында тагынуучу жасалга жана анын айрым бүртүгү. *Үттүү мончок жерде калбайт* (макал). *Суу мончок. Чач мончок. Көк мончок.*

◆ **Көз мончок** — ырым катарында көз тийбес үчүн тагылган мончок. **Жүрөк мончок** — ырым катарында жүрөгү түшпөс үчүн жүрөк формасында куюлган моюнга тагылуучу коргошун. **Жапайы мончок** — *диал.* чечек.

МОНЧОКТО *этиш.* Мончок сыяктанып, мончоктой болуп көрүнүү, мончоктой болуп бөлүнүп чыгуу (мис., тер, көз жаш). *Мончоктоду маңдайлардан сымап тер, Ал шыпырып кайра кирет жазып чер* (Үмөталиев).

МОНЧОКТОЙ *сын.* Мөлтүрөгөн, сулуу, татынакай. *Айылда мончоктой-мончоктой болгон эле кыздар жүрөт* (Маликов).

МОНЧОКТОО мончокто этишинин кыймыл атоочу.

МОНЧОКТОТ мончокто этишинин аркылуу мамилеси.

МОНЧОЧУ *зат.* Мончого келген жишилерди тейлөөчү мончо кызматкери.

МООК *зат.* Кумар, кумарлангандык, канагат алуучулук. *Ким уктанып чүй талаасын кыдырса, Мооку канат жайнап чыккан эгинге* (Осмонкул). *Аттары күлүк аргымак, Мингендин мооку кандырат* (Үмөталиев).

МООКУ моок менен бирдей.

МООКУМ моок менен бирдей.

МООКУН моок менен бирдей.

МОР *зат.* 1. Очоктун, мештин кирпичтен же топурактан жасалган түтүн чыгаруучу трубасы; труба. *Ал көрсө, мор ордуна коюлган түбү түшкөн карапа тура* (Сыдыкбеков). *Сукно фабрикасынын морунан кара кочкул түтүн буркулдады* (Сасыкбаев).

2. Түтүн чыгуучу тешиги тамдын төбөсүнө чейин көндөйлөтө дубалдын бооруна кошо салынган очок.

МОРАЛДЫК *сын.* Мораль эрежелерине таандык, моралга таандык. *Жогорку моралдык сапат. Моралдык принциптер.*

МОРАЛЬ *зат.* Адамдын коомдо өзүнөзү алып жүрүү, бирөөгө мамиле жасоо, адептүүлүк эрежелери. *Акырында, директор үнүн жапыз чыгара сүйлөп, мораль окуду* (Убукеев).

МОРГ *зат.* Өлгөн адамдардын денесин убактылуу сактоочу жай, өлүккана.

МОРЕНА *зат.* Мөңгүнүн көчүшүнөн улам пайда болгон тоо тектеринин сыныктарынын бир жерге чогулушу, топтолушу.

МОРЖ *зат.* Чоң азуулуу, узун муруттуу калак буттуу сүт эмүүчү ири деңиз жаныбары.

МОРОЖЕНОЕ *зат.* Каймак, сүт, жемиш маңызынын ж. б. суусундук катарында жеш үчүн атайын тоңдурулуп жасалган таттуу кошулмасы.

МОРОЖНЫЙ *зат. сүйл.* Мороженое.

МОРТ *сын.* Оңой сынма, тез сына турган, бекем эмес, чорт сына турган. *Морт бутак. Морт идиш.*

◆ **(Көйнөгүңдүн) жаны морт болсун, өзүңдүн жаның бек болсун** — жаңы көйнөк (кийим) кийгенде көбүнчө балдарга карата айтылуучу жакшы тилек сөз.

МОРФЕМА *зат. лингв.* Сөздүн лексикалык же грамматикалык мааниси бар бөлүгү (уңгу, мүчө же приставка).

МОРФОЛОГИЯ *зат.* 1. Организмдердин, органдардын, топурактын түзүлүшү жөнүндөгү окуу жана алардын түзүлүшү.

2. *лингв.* Тилдеги сөздөрдүн формаларын жана алардын өзгөрүш системасын изилдөөчү грамматиканын бир бөлүмү.

МОРЯК *зат.* Флотто иштөөчү киши.

МОСКООЛ *сын.* Сөөк-саактуу, булчуңдуу, калбаат. *Москоол денелүү, узун бойлуу кара киши Сансыздын досу — Карып* (Жантөшев).

МОСТОЙ *этиш.* Сумсайыңкы томсоргон көрүнүштө болуу, мисирейүү. *Сатай бирдемени ойлонгонсуп мостоюп басты* (Сыдыкбеков). *Алым анчейин бир көп жомоктун бирин айткансып мостойду* (Жантөшев).

МОСТОЙТ мостой этишинин аркылуу мамилеси.

МОСТОЮУ мостой этишинин кыймыл атоочу.

МОТИВ *зат.* 1. Кандайдыр бир аракетке, кылган ишке аргасыз кылган себеп, негиз, шылтоо.

2. Искусство чыгармасынын темасынын составдык элементи.

3. *муз.* Бир логикалык акцентке (үнгө) бириккен, эки-үч үндөн турган күүнүн бир бирдигин түзгөн жөнөкөй ыргактуулук.

МОТОР *зат.* Кандай гана энергиянын түрү болбосун, аны механикалык энергияга айландыруучу машина; кыймылдаткыч. *— Бирдеме күрүлдөйбү? — Машинанын мотору го?* (Жантөшев). *Экскаватордун мотору күрүлдөп иштеп жатты* (Сасыкбаев).

МОТОРИСТ *зат.* Моторду тейлөөчү жумушчу.

МОТОРЧУ моторист менен бирдей.

МОТОЦИКЛ *зат.* Көбүнчө эки дөңгөлөктүү велосипед турпатындагы ичинен

күйүүчү кыймылдаткыч менен жүргөн машина.

МОТОЦИКЛЕТ мотоцикл менен бирдей.

МОТОЦИКЛИСТ *зат.* Мотоцикл минип жүрүүчү, мотоциклди айдай билген киши.

МОТУРАЙ *этиш.* Болугураак, мойтойгон көрүнүштө болуу. *Мотурайган кара тоголок үч жашар Тагай ыйлап олтурупту*р («Ала-Тоо»).

МОТУРАҢ: мотураң-мотураң *туур.* Монтойгон, мотурайган көрүнүштөгү кыймыл-аракетти көрсөтүү үчүн колдонулат.

МОТУРАҢДА *этиш.* Мотураң-мотураң эткен көрүнүштө кыймылдоо, басуу. *Ал мотураңдап окуп жүрөт* («Жаш ленинчи»). *Мотураңдап мектебинде жүргөндө, Толкунданам кубангандан балдарга* (Осмонкул).

МОХ *зат.* Нымдуу жерге, жыгачка, ташка жайыла каптай чыгуучу тамырсыз, гүлсүз өсүмдүк.

МОЮЛ I *зат.* Башында сабак-сабак болуп чыккан жыттуу гүлү бар бадал өсүмдүгү. *Токойдогу моюлдар куду ак сирень өңдүү чыгат* (Саспаев).

МОЮЛ II *зат.* Жоон, уюлгуй чыккан бутак.

МОЮН *зат.* 1. Дененин тула бойду баш менен бириктирип турган бөлүгү. *Кара моюн ак эчки Эркелетти эгизди* (Аалы). [*Кишимжан*] *укурук моюн калем каш, Кундузга окшош олоң чач* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Идиштердин ооз жагына жакын ичкерээк келген жери. *Кумгандын моюну.*

◆ **Тоң моюн** — тил албаган, айтканга көнбөгөн, өз билгенин иштеген. *Алым ушул болгон соң, Кантип болом тоң моюн* (Аалы). **Моюнга алуу** — 1) кандайдыр бир иш өзү тарабынан болгондугун, иштелгендигин ырас деп табуу; 2) милдет кылып алуу. **Моюн сунуу** — макул болуу, көнүү, баш ийүү. *Кыскасы сүйүү — зор үмүт, моюн сундум* (Жантөшев). **Моюну жар бербөө** — иштегиси келбөө, көңүлү келбөө, ышынчаактык кылуу. *Дөңгөчтү жаруурга сенден башка кишинин моюну жар бербей жүрдү эле, деди Карыпка* (Абдукаримов). **Моюн толгоо** — тил албоо, өз билгенинче болуу. *Анда кедей болбоду, Болбой мойнун толгоду* (Токтогул). **Жез моюн** *же* **ак моюн** — шампанское. *Жез моюндан эки бөтөлкө алды* («Чалкан»). **Моюнуна** *же* **мойнуна минүү** — толук бийлөө, бийлик кылуу. *Ачуусу келгенде күйөөсүнүн мойнуна аялы минип алат* (Сыдыкбеков). **Моюн бербөө** — макул болбоо, тануу, жендирбөө, мойнуна албоо. *Айткан эмесмин деп моюн бербей жүрөт* (Сыдыкбеков).

МОЮНДА *этиш.* 1. Атты камчы менен моюнга чабуу (көбүнчө жактырбагандыгын, нааразылыгын билдирүү иретинде). *Атын кыйнап моюндап* (Аалы).

2. Мойнуна алуу, өзүп жооптуу деп табуу.

МОЮНДАШ *этиш.* Бирин бири моюндан кучактоо, кучакташуу. *Эч болбосо жаңсап койчу жарыгым, Косектердей моюндаша калайын* (Аалы).

МОЮНТУРУК *зат.* Өгүздүн мойнуна салынуучу жыгач каамыт. *Эки өгүздү моюнтуруктарынан чыгарып отко айдап жиберишиптир* (Сасыкбаев).

МОЮНЧА *зат.* 1. Сүт эмбей калган бир жаштан эки жашка караган музоо, торпок. *Ири бодолордон туура ону моюнча торпокко айланып, үчөөнө акты жазылды го..* (Сыдыкбеков). *Береги эки улактуу эчкини, бир козу менен моюнчаны алып тур* (Жантөшев).

2. Музоонун мойнуна тагылган жип. *Кызыл музоо кемерчеден чыгарда Жылдызкан жетип, моюнчасынан кармады* (Байтемиров). *Мүкаш музоосун желеден бөштоп, моюнчасын түрүп жатты* («Жаш ленинчи»).

МӨБҮРӨ небире менен бирдей.

МӨГДӨ *этиш.* 1. Көп жүрүп, чарчап баса албай калуу, күчтөн тайып алсыроо. *Ак тулпар мөгдөп кар болот, Ардактап аны бакпаса* (Бөкөнбаев).

2. Алдан-күчтөн таюу, мүнкүрөө, мууну кетүү. *Баласы өлүп, ата-энеси мөгдөп калды* (Абдукаимов).

МӨГДӨӨ мөгдө этишинин кыймыл атоочу.

МӨГДӨТ мөгдө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨГӨ мөмө менен бирдей.

МӨКҮ *зат.* Башы учтуу, жогору кайкалаган, такасыз, териден тигилген бут кийим. *Бутунда мөкү кийген аксакал абышка* (Жантөшев).

МӨЛ I *сын.* 1. Тунук, кирсиз; жаркыраган,көк кашка. *Мөл туз. Кааласам оргуп аскадан Мөл булак болуп ойносом*(Аалы).

2. *өт.* Куулук-шумдугу, арамдыгы жок, ниети калыс. *Мөл жигит.*

МӨЛ II *сын.* Ным, кургак эмес. *Мөл отун.*

МӨЛДҮР мөлтүр менен бирдей.

МӨЛМҮЛДӨ *этиш.* Мөлт-мөлт этүү, мөлтүрөө. *Сымапты төгүп жаткандай, Мөлмүлдөйт тери куланып* (Аалы).

МӨЛМҮЛДӨӨ мөлмүлдө этишинин кыймыл атоочу.

МӨЛМҮЛДӨТ мөлмүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨЛТ: мөлт этүү *же* **мөлт-мөлт этүү** — тунук, мөлтүлдөгөн тамчы сыяктуу көрүнүштө болуу. [*Уруянын*] *көз жаштары мөлт-мөлт этип бурчактайт* (Байтемиров). *Кез-кез аттын кулагынын түбүнөн мөлт-мөлт этип тери тоголонот* (Сыдыкбеков).

МӨЛТҮЛДӨ *этиш.* Суюктук, тунук нерсе жылтылдап көрүнүү, чагылышуу. *Мөлтүлдөйт кыз балдардын шурусу* (Осмонкул). *Мөлтүлдөп тамчылады көздөн жашы* (Маликов).

МӨЛТҮЛДӨӨ мөлтүлдө этишинин кыймыл атоочу.

МӨЛТҮЛДӨТ мөлтүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨЛТҮР *сын.* Таза, тунук, көк кашка, мөлтүрөгөн. *Жусуп көбүктөнгөн мөлтүр сууну, чайыттай ачык асман жээгиндеги чокуларды көргөндө чарчаганын унутту* (Абдумомунов).

МӨЛТҮРӨ *этиш.* 1. Мөлт-мөлт этүү, тунук көрүнүү. *Сууларыңдын баары тунук мөлтүрөп* (Акиев).

2. *өт.* Сулуу, татынакай көрүнүү. *Мөлтүрөгөн сулуу кыз. Мөлтүрөгөн келинчек.*

3. Ыйлаактап калуу. *Басалбай жүрдү тентиреп, Балтыры шишип мөлтүрөп* (Тоголок Молдо).

МӨЛТҮРӨӨ мөлтүрө этишинин кыймыл атоочу.

МӨЛТҮРӨТ мөлтүрө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨЛЧӨМ мөлчөр менен бирдей.

МӨЛЧӨР *зат.* Белгилүү бир чек. [*Дүрбү*] *Күүгүмдөнүп жакшы көрүнбөгөн соң* [*Мукай*] *айнегин ак оромолу менен сүртүп, бургусун бурап мөлчөрүнө келтирген* (Ташгемиров).

МӨМӨ *зат.* Кээ бир жыгачтардын же бадал өсүмдүктөрүнүн ширелүү жемиши. *Алма, дарак кулпуруп, Башында мөмө байлаган* (Осмонкул).

МӨМӨЛӨ *этиш.* Мөмө байлоо, мөмө түйүү. *Бак көгөрсүн, калың мөмөлөсүн!* (Сыдыкбеков). *Алманын башына жалгыз алма мөмөлөп, абышка аны жеп жашарат* («Жомоктор»).

МӨМӨЛӨӨ мөмөлө этишинин кыймыл атоочу.

МӨМӨЛӨТ мөмөлө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨМӨЛҮҮ *сын.* Мөмөсү бар, мөмө байлоочу. *Короону мөмөлүү даректарга, нечен сонун гүлдөргө толтурдум* (Абдукаримов).

МӨНДӨЛӨЙ *зат.* Чычкандын баласы.

МӨНДҮР *зат.* Кичине тоголок муз түрүндө жааган жаан-чачындын бир түрү. *Түш-тушка түшүп мунарык, Бөксөгө мөндүр дыбырайт* («Эр Төштүк»).

МӨНДҮРЛӨ *этиш.* Мөндүр жаап кирүү, мөндүр түшүү. *Мөндүрлөп жааган жаан.*

МӨҢГҮ *зат.* Көп жылдар тоо чокуларынан кетпеген кар, муз. *Алайдын түбөлүккө кетпеген мөңгүлөрү күндүн нуруна чагылышат* (Абдукаримов).

МӨҢГҮЛҮҮ *сын.* Мөңгү менен капталган, мөңгүсү бар. *Ак мөңгүлүү кыргыз Ала-Тоосунан бондогон чоң жана майда суулар агып түшөт* (Абдумомунов).

МӨҢКҮ *этиш.* 1. Түйлоо, секирүү. *Өрүш алып жайылса, Кулун тайлар мөңкүгөн* (Тоголок Молдо). *Чочулаган кашаң карагер көп аяктап, тоңко-баш атып мөңкүдү* (Байтемиров).

2. *өт.* Жакын жолотпоо, жуутпоо, чычалоо.

МӨҢКҮҮ мөңкү этишинин кыймыл атоочу.

МӨҢКҮТ мөңкү этишинин аркылуу мамилеси.

МӨҢКҮЧҮКТӨ мөңкү менен бирдей.

МӨӨ *туур.* Үйдүн мөөрөп үн чыгаргандагы дабышын билдирүү үчүн колдонулат. *Үйдүн тили жалгыз тил, «Мөө» деп гана үн берет* (Осмонов).

МӨӨН *зат.* Ичке ичегинин карын жагындагы учу, туюк жоон бөлүгү. *Апама бир мөөн май күйдуруп берем* (Бейшеналиев).

МӨӨНӨТ *зат.* Белгиленген убакыт, белгилүү бир убакытты көрсөткөн мезгил аралыгы. *Өнөр жайы жылдык планды мөөнөтүнөн мурда орундады* («Коммунист»). *Тарыхый кыска мөөнөттүн ичинде биздин Родинабыз таанылгыс болуп өзгөрдү* («Коммунист»).

МӨӨНӨТСҮЗ *сын.* Белгилүү бир мөөнөт белгиленбеген, убактысы чектелбеген. *Мөөнөтсүз паспорт.*

МӨӨНӨТТҮҮ *сын.* Белгилүү бир мөөнөт белгиленген, белгилүү бир мөөнөттө ишке ашырыла турган. *Эсепчилерди даярдоо үчүн кыска мөөнөттүү курс ачылат* (Сыдыкбеков).

МӨӨР *зат.* 1. Бетине оюп түшүрүлгөн тамгалары бар, көбүнчө айрым-айрым кишилердин аты жазылган печать. *Атаң экөөң кат жаздың, Ага кошуп мөөр бастың* («Эр Табылды»).

2. *сүйл.* Печать. *Тек жайы кедей-батырак деп мөөрүн баскан үчөөндө тең айылдык советтин справкалары бар* (Сыдыкбеков).

МӨӨРӨ *этиш.* Үйлардын үн чыгаруусу, өңгүрөө. *Мөөрөгөн үйлардын, маараган койлордун үндөрү да үгулду* (Баялинов).

◇ **Мөөрөп кетүү** — текке кетүү, бошко кетүү. «*Баса, Омор айткандай, биздин өмүр мөөрөп кеткен экен го!*».. (Сыдыкбеков).

МӨӨРӨЙ мөрөй менен бирдей.

МӨӨРӨӨ мөөрө этишинин кыймыл атоочу.

МӨӨРӨТ мөөрө этишинин аркылуу мамилеси.

МӨРӨЙ *зат.* 1. Жарышта, мелдеште уткандык, жеңишке ээ болгондук. — *Кечириңиз, Жапар ага! Мөрөй сиздики, биз жеңилдик* [*деди келиндер*] (Баялинов).

2. Байге. *Дегениме көн Төштүк, Жети мөрөй белгилейм, Ошону кылып бер Төштүк* («Эр Төштүк»). *Улуу элдик кайратыңды көрсөтүп, Ушул жолку зор мөрөйдү уткула* (Осмонкул).

МӨРТӨЙ: мөртөй-шөртөй — сапаты начар, эптеп-септеп, араң эле, иши кылып.

МРАМОР *зат.* Көбүнчө архитектура менен скульптура жумуштарында колдонулуучу ар кандай түстөгү кристаллдуу таш, тоо теги. *Метронун жалаң мрамордон кыйып, таңдайлаштырып жасаган дубалдарында бир да чаң, пыр жок* (Байтемиров).

МУБАРЕК маарек менен бирдей.

МУГАЛИМ *зат.* Кандайдыр бир окуу предметинен мектепте сабак берген адам, окутуучу. *Жаңы заман балдарын Машыктырган мугалим, Караңгыны билимге Сүйрөп чыккан мугалим* (Бөкөнбаев).

МУГАЛИМДИК *зат.* Мугалимдин кызматы, кесиби. [*Жапар*] *мурун мугалимдик да кылган* (Баялинов).

МУДАА мүдөө менен бирдей.

МУЖИК мужук менен бирдей.

МУЖУК *зат. тар.* 1. Дыйкан; орой, адепсиз.

2. Эркек; эр.

МУЗ *зат.* Тоңуп калган суу. *Кар боройлоп кыш да келди ышкырып, Суу да тоңду, көк жалкаяк муз туруп* (Үмөталиев).

◆ **Муз менен таш** — абдан муздак. *— И-ий, колуң муз менен таш болуп калган тура* (Байтемиров).

МУЗДА *этиш.* 1. Сууп калуу, муздак болуп калуу. *Сакадайдын кайнаткан чайы алда качан муздаган* (Жантөшев).

2. Үшүү, үшүп кетүү.

3. Тоңуу, тоңуп калуу, муз болуп катуу. *Арык-чөнөктөрдө суулар муздап, балдарга эрмек болду* (Абдукаримов).

4. *өт.* Қөңүлү сууй түшүү, көңүлү кайтуу. *Мурунку курут үчүн ысыган боюм суу сепкендей муздады* (Жантөшев).

МУЗДАҚ *сын.* 1. Температурасы төмөн, бир аз суук, шыргалаң. *Муздак булак. Муздак суу. Муздак аба.*

2. Салкын. *Барганда көңүл сергиткен Баш жагы муздак төр эле* (Токтогул).

3. Сууп калган, сууган, муздап калган. *Муздак чай. Муздак эт. Муздак тамак.*

МУЗДАТ музда этишинин аркылуу мамилеси.

МУЗДОО музда этишинин кыймыл атоочу.

МУЗЕЙ *зат.* Искусство чыгармаларын, тарыхый, техникалык, илимий-табигый экспонаттарды ж. б. жыйып жана сактоочу, аларды элдин көрүүсүнө коюучу мекеме. *Сүрөт искусствосунун музейи. Тарыхый музей. Зоологиялык музей.*

МУЗОО *зат.* Уй, топоз жана маралдын жаш төлү. *Кеп музоо эмизет, музоо таяк жегизет* (макал). *Будурда бугу маарашат, Музоосу басса жарашат* (Осмонкул).

◆ **Музоо баш** — чагып алуучу, денеси жөргөмүш түспөлүндөгү уулуу курт-кумурсканын бир түрү.

МУЗООЛО *этиш.* Музоо төлдөө. *Жаман уй жарда музоолойт* (макал).

МУЗООЛОО музооло этишинин кыймыл атоочу.

МУЗООЛУУ *сын.* Музоосу бар, музоосун ээрчиткен. *Музоолуу уй.*

МУЗООЧУ *зат.* Музоо баккан киши, музоо багуучу.

МУЗЫКА *зат.* 1. Адамдын ички сезимдерин жана идеяларын ритмикалык жана интонациялык түрдө бириккен үндөр менен берүүчү искусство жана ошол искусствонун чыгармасы. *Классикалык музыка.*

2. Чыгармаларды музыкалык инструменттерде аткаруу. *Музыка менен бийлөө. Делебени козгоп, шаар багынын музыкасы ойнолду* (Баялинов).

МУЗЫКАЛУУ *сын.* 1. Кулакка угумдуу, угулушу жагымдуу. *Музыкалуу үн.*

2. Музыкасы бар. *Музыкалуу драма.*

МУЗЫКАЛЫК *сын.* Музыкага таандык.

МУЗЫКАНТ *зат.* 1. Музыка жагынан специалист.

2. Музыкалык инструментте ойноочу киши.

МУЙТУ *этиш.* Чүкө черткенде,нукуй алганда ж. б. колу тайып кетүү,мүчүп калуу.

МУЙТУЙ *этиш.* Қыскаруу, кыска болуу, кыска көрүнүштө болуу (мис., кол).

МУЙТУҚ *сын.* Муйтуйган, кыска, чолок (көбүнчө кол жөнүндө).

МУҚАБА *зат.* Китепти каптаган тышы, сырты. *Калың мукаба. Жаман урунгандыктан китептин мукабасы тытылган* (Таштемиров).

МУҚАБАЛА *этиш.* Мукаба менен сыртоо, мукаба тыштоо.

МУҚАБАЛАН мукабала этишинин өздүк мамилеси.

МУҚАБАЛАТ мукабала этишинин аркылуу мамилеси.

МУҚАБАЛАШ мукабала этишинин кош мамилеси.

МУҚАБАЛОО мукабала этишинин кыймыл атоочу.

МУҚАБАЛУУ *сын.* Мукабасы бар, мукаба капталган. *Булгаары мукабалуу китеп.*

МУҚАБАТ *туурасы*: **махабат.**

МУҚАҚТА мукактан менен бирдей.

МУҚАҚТАН *этиш.* Сөз айта албай такалып калуу, шар сүйлөп кете албоо. *Бала Дүйшөнкулдун суроосуна жооп бере албастан мукактанды* (Бөкөнбаев). *Қаныбек андан ары эмне деп айтарын билбей мукактана түштү* (Жантөшев).

МУҚАҚТАНТ мукактан этишинин аркылуу мамилеси.

МУҚАҚТАНУУ мукактан этишинин кыймыл атоочу.

МУҚАМ *зат.* Кулакка жагымдуу, укмуштуу ритм. *Мукам-мукам сайраса, Булбулдун көркү үнүндө* (Токтогул). *Торгойдун мукам үнү угулат* («Ала-Тоо»).

МУҚАМДУУ *сын.* Кулакка жагымдуу, кубулжуган, кайрыгы укмуштуу. *Комуздун үнү безеленип мукамдуу чыкты* («Ала-Тоо»).

МУҚУЛ мукур менен бирдей.

МУҚУР *сын.* 1. Жешилип, сүрүлүп түгөнгөн, кыскарган, кыска. *Такаларынын эмчектери мукур болуп түгөнүп калды* (Сыдыкбеков). [*Калканбай*] *мукур тишин кычырата чайнады* (Бейшеналиев).

2. Токол. *Мукур эчки.*

МУҚУРА *этиш.* Бир нерсе жетишпей, кемчил болуп жүдөө, абдан кыйналуу, айласы кетүү. *Үйдөгүлөр азык-түлүгү түгөнүп, оокаттан аябай мукурады* (Абдукаримов).

МУҚУРАЙ *этиш.* Жешилип, сүрүлүп түгөнүү, кыскаруу, мукур абалга жетүү. *Мукурайган көсөө.*

МУҚУРАЙТ мукурай этишинин аркылуу мамилеси.

МУЛАЙЫМ мунайым менен бирдей.

МУЛЖУЙ *этиш.* Сакал-муруту жок көрүнүштө болуу, дүмүрөйгөн көрүнүштө болуу. *Сакал-муруту жок мулжуйган абышка. Түгөл. мулжуюп манжаларынан айрылган.. сундуйган бутун суна берди* (Бейшеналиев). *Үйдүн айланасында мулжуйган тыт жыгачтары турат* («САЖИ»).

МУЛЖУҢ: мулжуң-мулжуң *туур.* Дүгдүңдап моюн бербегендей мүнөздү, кыймыл-аракетти, көрүнүштү билдирүү үчүн колдонулат.

МУЛЖУҢДА *этиш.* Мулжуң-мулжуң этүү, мулжуң-мулжуң эткен көрүнүштө болуу. *Жок сөздү коюңузчу», —деди абышка мулжуңдап*(«Чалкан»). *Андрей майды кайра*

кемпирге берди эле, ал мулжуңдап таарына баштады (Байтемиров).

МУЛЖУҢДОО мулжуңда этишинин кыймыл атоочу.

МУЛТУЙ *этиш.* Мулжуйган, дүмүрөйгөн, кичине чети чыгып, көрүнүп турган көрүнүштө болуу. «*Карыганда мултуюп, сакалың кана?*» («Эр Төштүк»). *Торунун жал-куйругу мултуйган* (Жантөшев).

МУЛТУК *сын.* Дүмүрү, түбү калган, мултуйган (мис., шакшактары жок кол жөнүндө).

МУЛТУҢ: мултуң-мултуң *туур.* Мултуйган көрүнүштөгү, мисалы, колдун кыймыл-аракетин билдирүү үчүн колдонулат.

МУЛТУҢДА *этиш.* Мулжуңдоо; мултуң-мултуң этүү.

МУЛТУҢДОО мултуңда этишинин кыймыл атоочу.

МУЛУЙ *этиш.* 1. Сакал-муруту, мүйүзү жок көрүнүштө болуу; дүмүрөйгөн көрүнүштө болуу.

2. Башын ылдый салып, унчукпай кылтыйган көрүнүштө болуу, кулуйган кебетеде болуу. *Ээрдин кашын каккылап, Турган кези мулуюп* («Манас»).

МУЛУК *сын.* Дүмбөсү гана бар, түбү гана калган. *Ал Көчөрбайдын тубаса бир кулагы мулук болгон* (Тоголок Молдо).

МУЛУҢ: мулуң-мулуң *туур.* Мулуйган кебетеде кулуңдаган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болгондугун билдирүү үчүн колдонулат.

МУЛУҢДА *этиш.* Мулуң-мулуң этүү, мулуң-мулуң эткен көрүнүштө болуу; кулуңдоо. *Көкө эрдигине чын эле делдее түшүп, анан мулуңдап күлүп койду* (Касымбеков).

МУЛУҢДОО мулуңда этишинин кыймыл атоочу.

МУМИЯ *зат.* Бийик тоодо өскөн элдик медицинада сыныкка дары болуучу чөп, кийик оту.

МУНАЙЫМ *сын.* 1. Назик, сыпаа, жагымдуу. *Таттуу сөзүң мунайым, Элге жаккан Токтогул* (Барпы).

2. Токтоо, оор басырык (мүнөз).

МУНАПЫЗ *зат.* Соттолгон адамдардын күнөөсүн жеңилдетүү же толук кечүү үчүн бийликтин жогорку өкүлү тарабынан болгон ырайым, кечирим; жеңилдик, амнистия.

МУНАР I мунара менен бирдей.

МУНАР II *зат.* Күңүрт, бозомук тарткан аба, мунарык. *Кыштак үстүн көгүлтүр мунар каптаган* (Абдумомунов).

МУНАР III *этиш.* Көзгө даана, ачык көрүнбөө, боз түшкөндөй тунарган көрүнүштө болуу. *Тоолор мунарат.*

МУНАРА *зат.* Бийик, кууш салынган архитектуралык курулуш, бурана. *Өзгөн шаарынын ортосунда мунара турат* (Жантөшев).

МУНАРДАН *этиш.* Мунар басуу, мунарыктоо, боз түшүп, боз каптап, түмандап көзгө ачык көрүнбөгөн абалда болуу. *Күн мунарданып турат.*

МУНАРДАНУУ мунардан этишинин кыймыл атоочу.

МУНАРЛАН мунардан менен бирдей.

МУНАРЫК *зат.* Боз, айлана ачык болбой мунар басып, бозоруп турган абал. *Төмөн жакты мунарык басып турат* (Таштемиров).

МУНАРЫКТА *этиш.* 1. Боз түшүү, мунарык тартуу, мунарлануу. *Үйдүн кең талаасы мунарыктап боз түшүп калды* (Таштемиров). *Асман ачык болсо да мунарыктап боз түшүп, урчуктагы бийик чокуга туман айланган* (Сыдыкбеков).

2. Көз тунаруу, көрүнбөй калуу. *Омор көзү мунарыктай түшкөнчө бак арасын карады* (Сыдыкбеков).

МУНАРЫКТАТ мунарыкта этишинин аркылуу мамилеси.

МУНАРЫКТОО мунарыкта этишинин кыймыл атоочу.

МУНАРЫКТУУ *сын.* Мунарык баскан, мунарыктаган. *Мунарыктуу талаа.*

МУНДИР *зат.* Аскердик же граждандык форма кийим.

МУНЖУ *зат.* 1. Колу-бутунун биринен же колу-буттарынан ажыраган майып киши. *Буту жокко бут киргизип улашты, Мунжулардын маңдайынан сылашты* (Калык).

2. Инвалид.

МУНИЦИПАЛИТЕТ *зат.* Кээ бир өлкөлөрдө шаардык же селолук өзүн өзү башкаруу органы жана анын турган имараты.

МУНТ *зат. сүйл.* Бунт.

МУҢ I *зат.* Зээн кейиткен оор кайгы, капа, күйүт сезими. *Кыргыздын өткөн күнү муң менен зар. Бул күнгө теңей турган эмнеси бар* (Үмөталиев).

МУҢ II *этиш.* Чыдоо, түтүү.

МУҢАЙ *этиш.* Муңайым, капалуу көрүнүштө болуу. *Сайра муңайып.. Батийнанын саамайын сылады* (Сыдыкбеков).

МУҢАЙТ муңай этишинин аркылуу мамилеси.

МУҢАЙЫМ *сын.* Кайгылуу, капалуу, күйүттүү.

МУҢДУК *сын.* Кайгы-капага батуучулук, муңканууучулук.

МУҢДУУ *сын.* Кайгылуу, капалуу.

МУҢКАН *этиш.* Кайгыруу, капалануу, муңдуу үн чыгаруу. *Алымкул эне-атасы, кызуу сүйгөн жары жөнүндө айтып муңканат* (Абдукаримов).

МУҢКАНТ муңкан этишинин аркылуу мамилеси.

МУҢКАНУУ муңкан этишинин кыймыл атоочу.

МУПТУ *зат.* Шариятты, дин жана укук ишин мыкты билген, аны териштирип турган дин кызматкери. *Казы, муптуу,.. Жүз башы, бийлер, жүргүлө* (Токтогул).

МУР: кер-мур *к.* **кер.**

МУРАА I мурат менен бирдей.

МУРАА II мурас менен бирдей.

МУРАД мурат менен бирдей.

МУРАЗ I *туурасы:* **мурас.**

МУРАЗ II мурат менен бирдей.

МУРАП *зат.* Сугат сууну бөлүштүрүп берип туруучу адам, көк башы, суу башы. *Мураптар арык улаган, Дыйкандар келип сураган* (Барпы).

МУРАПЫ мурас менен бирдей.

МУРАС *зат.* 1. Ээси өлгөндөн кийин балага, бирөөгө калган мал-мүлк, дүнүйө, ооокат. *Байлык мурас эмес, жоктук уят эмес* (макал).

2. Ойлогон ой, тилек, максат.

МУРАСКОР *зат.* Ээси өлгөндөн кийин анын калган мал-мүлкүн, дүнүйөсүн ээлөөгө укугу бар адам.

МУРАСЧЫ **мураскор** менен бирдей.

МУРАТ *зат.* Тилек, максат; ойлогон, самаган тилек. *Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес* (макал). *Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка* (макал).

МУРДА *такт.* Оболу, мурун, илгери. *Мурда укпан жок беле Менин Бөкөй деген даңкымды?* («Саринжи—Бөкөй»).

МУРДАА **мурдаагы** менен бирдей.

МУРДААГЫ *такт.* Эки күн же эки жыл мурдагы күндү же жылды билдирүү үчүн колдонулат. *Мурдаагы күнү. Мурдаагы жылы.*

МУРДАГЫ *такт.* Мындан мурда болгон, мындан мурунку, баштагы. *Гүлдөтүп айыл-кыштак, талааларды, Курабыз зор курулуш мурдагыдан* (Нуркамал). *Мен мурдагы айыптарым үчүн колхоздон эң оор жумуш сураймын* (Каимов).

МУРДАКЫ **мурдагы** менен бирдей.

МУРДАТАН *такт.* Башынан, көптөн бери.

МУРЗА *туурасы:* **мырза.**

МУРУН I *зат.* Адамдардын, айбандардын тумшук жагындагы жыт алуу органы. *Ууз кымыздын жыты, жакын отурган Элебестин мурдуна бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Ит мурдуна суу киргенде сүзөт* (макал).

◆ **Күндүн мурду чыкканда** — күн чыгып келе жаткан учурда, күн жаңыдан көрүнгөндө. **Ачуусу мурдунун учунда** — ачуусу чукул. **Мурдун көтөрүү** — мактанган, кекирейген, көпкөн, чиренген абалда болуу. **Эки колун мурдуна тыгып калуу**— куру калуу. **Кулак-мурун кескендей.** *к.* **кес I. Мурдуна суу жетүү** *к.* **суу I. Мурдунан жетелетүү** — бирөөнүн таасиринде болуу, бирөөгө көз каранды болуу.

МУРУН II *такт.* 1. Башта, өткөн учурда, илгери, мурда. *Бирок бул жөнүндө мен мурун такыр ойлогон эмесмин* (Жантөшев). *Мындай сонун теңчилик Кылымда мурун болбогон* (Жантөшев).

2. А дегенде, ириде, озунуп. *Чабал өрдөк мурун учат* (макал).

◆ **Элден мурун** — баарынан мурун; а дегенде, ириде. **Күн мурун** *к.* **күн.**

МУРУНКУ *такт.* Баштагы, мурдагы, өткөндөгү. *Эми Акман кепке аралашып, мурункуну жактап койду* (Сыдыкбеков).

МУРУНТАДАН **мурунтан** менен бирдей.

МУРУНТАН *такт.* 1. Баштатан, мурдатан. *Мурунтан минбей чалгынга, Буулугуп калган чагы бар* («Манас»).

2. Алдын ала. *Кийим-кечесин мурунтан эле куржунга салып, даярдап койгон экен* («Ала-Тоо»).

МУРУНТУК *зат.* Уйду жетелөө үчүн чүлүгүнө өткөрүлгөн жип. — *О..ой, Каным эже, сарала кунаажындын мурунтугун мүйүзүнө түрүп агыт* (Бейшеналиев). *Мурунтугун чубалтып, ээр токумчан бир таргыл өгүз суу ичип жатат* (Баялинов).

МУРУНТУКТА *этиш.* 1. Мурунтук тагуу, мурунтук байлоо.

2. *өт.* Бирөөнү өзүнүн ыгына көндүрүп, өз сөзүнөн чыкпай турган кылуу.

МУРУНТУКТАЛ **мурунтукта** этишинин туюк мамилеси.

МУРУНТУКТАТ **мурунтукта** этишинин аркылуу мамилеси.

МУРУНТУКТОО **мурунтукта** этишинин кыймыл атоочу.

МУРУТ I *зат.* Имамдын айткандарын орундатып, дин жолунда кызмат кылып турган адам. *Ажыдан кайтканда ак эшектин муруту Шадыбек калпа, Шадыбек ажы аталды* (Аалы).

МУРУТ II *зат.* Үстүнкү эриндин үстүнө чыккан кыл. [*Муратбек*].. *муруту бир жанып алып, уулуна өз оюн айтты* (Сасыкбаев). *Кыроо түшүп кар басты Кыл мурутум агарып* (Осмонкул).

◆ **Муртунан күлүү** — оозун ачпай жылмайып күлүү. *Качканын көрүп Чубактын, Муртунан күлдү эми* («Манас»).

МУРУТТУУ *сын.* Муруту бар, мурут койгон. *Алдында барат Муратты коштоп, Сары муруттуу командир Попов* (Абдыраманов).

МУРУТЧАН **муруттуу** менен бирдей.

МУРЧ *зат.* 1. Тамак-ашка татымал катарында колдонулуучу тропикалык өсүмдүктүн тилди ачыштырып, дүүлүктүрүп жиберүүчү майда тоголок даны. *Мурч кошуп, чай кайнатып сыйлайт эрин* (Барпы).

2. *өт.* Жанга тийген, күйгүлтүктүү таамай айтылган курч сөз. *Тамашалап сүйлөсө, Татый турган мурч эле* (Аалы).

◆ **Кызыл мурч** — *диал.* калемпир.

МУРЧА *зат.* Чоло, ара-чоло, бош убакыт. *Мурчам жок, бара албадым.*

МУРЧУЙ *этиш.* Тултуюп кабагын салуу, көңүл бөлбөө. *Мурчуюп кабагын түйүп койду. Ыранжыган түс менен мурчуюп бир карап алды.*

МУРЧУЙТ **мурчуй** этишинин аркылуу мамилеси.

МУРЧУҢДА *этиш.* Тултуңдап жактырбаган мамиле жасоо, жактырбоо.

МУРЧУҢДОО **мурчуңда** этишинин кыймыл атоочу.

МУРЧУЮУ **мурчуй** этишинин кыймыл атоочу.

МУСААПЫР **мусапыр** менен бирдей.

МУСАЛДА **мусаллас** менен бирдей.

МУСАЛЛА **мусаллас** менен бирдей.

МУСАЛЛАС *зат.* Жүзүмдөн колдо жасалган вино.

МУСАПЫР *зат.* Эл-жеринен азган; бечара, карып адам. *Кулак салбайт залимдер Мусапыр, муңдуу сөзүнө* (Токтогул).

МУСАПЫРЧЫЛЫК *зат.* Эл-жеринен азгандык, бечаралык, карыптык, кембагалдык. *Мындай мусапырчылыкта өзбек,*

кыргыз деген болбойт. Баарыбыз тең кембагал тугандарбыз (Абдукаримов).

МУССОН *зат.* Жылдын мезгилине карата кышкысын кургактыктан деңизге, жайкысын деңизден кургактыкка карай согуучу шамал.

МУСУЛМАН *зат.* Ислам дининдеги, ислам динин колдогон киши.

МУСУЛМАНДЫК *зат.* Ислам динине туура келген, ага ылайык милдет, мамиле, жорук-жосун. *Ушул да адамгерчиликке, мусулмандыкка жатабы* (Абдукаримов).

МУСУЛМАНЧЫЛЫК мусулмандык менен бирдей.

МУУЗДА *этиш.* Тамагынын, мууздоонун астынан кекиртегин кесип союу, өлтүрүү. *Койчу текени мууздап жиберди* (Сасыкбаев).

МУУЗДАЛ муузда этишинин туюк мамилеси.

МУУЗДАТ муузда этишинин аркылуу мамилеси.

МУУЗДАШ муузда этишинин кош мамилеси.

МУУЗДОО I *зат.* Мууздала турган жердеги кемирчек.

МУУЗДОО II муузда этишинин кыймыл атоочу.

МУУН I *зат.* 1. Адамдын жана жаныбарлардын сөөктөрүнүн же чемирчектеринин кыймылга келип туруучу кошулган жери. *Айтуу колдорунун муундарын кырсылдатты* (Аалы). *Абышка муундарын калтырата.. таягына сүйөнүп тура калды* (Жантөшев).

2. Каруу, күч, кубат. *Басайын десем муунум жок* (Токтогул).

3. *өт.* Кээ бир өсүмдүктөрдүн бөлүкбөлүк болуп турган жери, муунактары. *Мууну болот жалбыздын, Муңу болот жалгыздын* (Токтогул).

4. Ата-бабанын укум-тукуму; жашташ адамдар, курбулар. *Жаш муундар.*

5. *грам.* Сөздөгү бир ыргак менен айтылган бир же бир нече тыбыш. Мисалы: мектеп, кол-хоз.

◆ **Мууну бошоо** — жашуу, кейип кетүү, ыйлагысы келе түшүү. *Чоң эненин жүрөгү элжирел, муундары бошой түштү* (Сыдыкбеков). **Мууну катуу** *же* **мууну бекүү** — күч-кубаты толуу, жетилүү.

МУУН II *этиш.* 1. Тартылган жиптен, алкымдоодон ж. б. тамагы кысылып, кан жүрбөй, дем ала албай калуу. *Жемиш эмес мойнуна Кылтак түштү, муунду* (Бөкөнбаев). *Муунуп өлдү.*

2. Дем кысылуу. *Батыш жашып кетти. Шилекейи алкымына кептелип, сөз айта албай муунду* (Байтемиров). [*Жумагүлгө*] *аба жетишпей муунуп баратат* (Байтемиров).

МУУНА *этиш.* Мал сойгондо анын жиликтерин, сөөктөрүн муунуна карай кесүү же муун-муунуна карай илиништирип ажыратуу.

МУУНАЛ мууна этишинин туюк мамилеси.

МУУНАТ мууна этишинин аркылуу мамилеси.

МУУНАК *зат.* Муун-муун болуп бөлүнүп турган жер; муун-муун сыяктуу бөлүнгөн, муунакталган жер. *Муунак-муунак өсүмдүк. Мамынын башкы муунагында жылкынын кылы менен байлап койгон булгаары бар* («Эр Табылды»).

МУУНАКТА *этиш.* Муунак кылып кесүү, муунак-муунак кылып илиништирип кесүү.

МУУНАКТАЛ муунакта этишинин туюк мамилеси.

МУУНАКТАТ муунакта этишинин аркылуу мамилеси.

МУУНАКТОО муунакта этишинин кыймыл атоочу.

МУУНАКТУУ *сын.* Муунак-муунагы бар, бир нече бөлүккө бөлгөн ортосунда тагы бар.

МУУНДУР муунт менен бирдей.

МУУНТ муун этишинин аркылуу мамилеси.

МУУНУУ муун этишинин кыймыл атоочу.

МУУНЧАК *зат.* Кичинекей түйүнчөк.

МУХАБАТ махабат менен бирдей.

МУХАББАТ махабат менен бирдей.

МУШ *зат.* Муштум. *Колуңда жарак болбосо, Душманды жыга албайсың муш менен* (Барпы).

◆ **Муш кетти** — эң мурда бирөө жанындагысын нукуп, муштап, ал жанындагысы болсо, мушту өзүнөн кийинкилерине өткөрүү жолу менен ойнолуучу оюн.

МУШТА *этиш.* 1. Муштуму менен уруу. [*Чоң койчу*] *салмактуу чоң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев). *Муштап кетсе желкеге Муунум калат дабдырап* (Токтогул).

2. Колундагы кармаганы менен коюп жиберүү, уруу.

◆ **Какаганга муштаган** *к.* **кака.**

МУШТАТ мушта этишинин аркылуу мамилеси.

МУШТАШ I *зат.* Бирин-бири муштап, кол жумшап урушкан уруш.

МУШТАШ II *этиш.* Бирин-бири муштап, койгулашып урушуу. *Бети-башыңды жарып жиберейинби, эр болсоң мушташып көрчү* (Бөкөнбаев).

МУШТАШТЫР мушташ этишинин аркылуу мамилеси.

МУШТАШУУ мушташ этишинин кыймыл атоочу.

МУШТЕК *зат.* Көбүнчө алгыр куштарды сүйрүк жагынан канаттары менен куучурга кармап, салууга, ыргытууга даярдоо абалы.

МУШТЕКТЕ *этиш.* Көбүнчө алгыр куштуу муштек кылып ыргытууга, муштек кылып салууга камдануу.

МУШТЕКТӨӨ муштекте этишинин кыймыл атоочу.

МУШТОО мушта этишинин кыймыл атоочу.

МУШТУК муштек менен бирдей.

МУШТУМ *зат.* Манжалары жумулган колдун башы. *Ашыр түйүлгөн муштуму менен тизесин бир укуп, ичинен кекенди* (Сасыкбаев). *Сөз билбеген муштуму менен коркутат* (макал).

◆ **Көк муштум болуу** *к.* **көк IV.**

МУЮ *этиш.* Макул болуу, айтканга көнүү, ошону орундуу көрүү.

МУЮТ мую этишинин аркылуу мамилеси.

МУЮУ мую этишинин кыймыл атоочу.

МҮДӨӨ *зат.* Тилек, көздөгөн максат, эңсеген ой. *Токтогул эмгекчи элдин мүдөөсүн, тилегин, оор түрмөшүн ырдаган* («Советтик Кыргызстан»).

МҮДҮР бүдүр менен бирдей.

МҮДҮРҮЛ *этиш.* 1. Буту бир нерсеге тийип же чалынып жыгыла жаздоо, сүрүнүү. [*Динардын*] *оң бутуна чөп ороло түштү да, мүдүрүлүп кетти* (Сыдыкбеков). *Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт* (макал).

2. *өт.* Жаңылышуу, жолдон чыгып кетүү, жаңылыштык кетирүү.

МҮДҮРҮЛТ мүдүрүл этишинин аркылуу мамилеси.

МҮДҮРҮЛҮҮ мүдүрүл этишинин кыймыл атоочу.

МҮЙҮЗ *зат.* Кээ бир айбандардын башына чыгуучу сөөк затынан турган катуу ур. *Үйдүн мүйүзү. Текенин мүйүзү. Кулжанын мүйүзү.*

◆ **Кочкор мүйүз** *к.* **кочкор. Үй мүйүз тартып отуруу** — кырка, тегерете тартып отуруу.

МҮЙҮЗДҮҮ *сын.* Мүйүзү бар. [*Алыбек*] *чыгырык мүйүздүү, узун куйрук, чоң ак койду карап койду* (Жантөшев).

МҮЛГҮ *этиш.* 1. Аябай чарчоо, кыйналуу, үргүлөө. *Ал эриксиз ыксырап, кээде мүлгүп келе жаткан эле* (Аалы).

2. Жайкалуу, ыргалуу, теңселүү. *Ыксырап назик мүлгүгөн, Ыргалат эгин жеримден* (Аалы).

МҮЛДӨ *такт.* Жалпы, бүткүл; такыр. *Тынчтык үчүн күрөш мүлдө адамзаттын улуу, ыйык иши* («Ала-Тоо»).

МҮЛДҮ *такт.* Бүт, бүткүл, жалпы. *Мүлдү кыргыз жеринде Күлдүргүч сендей жок эле* (Осмонкул).

МҮЛЖҮ *этиш.* 1. Сөөктүн этин тиши менен же бычак менен тазалап жеп кажылоо. *Жигиттер өздөрүнүн үлүшүнө тийген сөөк-саакты мүлжүп жатышты* (Абдукаримов). *Айганыш макиси менен бир сөөктү ашыкпай мүлжүй берет* (Байтемиров).

2. Кажылоо, кажылап жеп кемирүү, кайсоо. *Оңбогон эчкилер көктөп турган көчөттү мүлжүп салышыптыр* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Кажуу, тукулжуратуу, эзүү, жадатуу, түбүнө жетүү. *Анан калса, карылыгы кургур адамдын мүчөсүн мүлжүп, сымбатын сыйрып алат турбайбы* (Касымбеков). *Каяша айткан адамдын Канчасын мүлжүп кажаган* (Тоголок Молдо).

МҮЛЖҮН мүлжү этишинин өздүк мамилеси.

МҮЛЖҮҢ: мүлжүң-мүлжүң *туур.* **Тиши жок же катуу чайнай албаган кишинин бүйлөсүнө салып чайнаган же катуу, даана чайнай албаган көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.** *Май ширелүү го нанга чоң-чоң сүйкөп, [кемпир] мүлжүң-мүлжүң чайнап отурду* (Касымбеков).

МҮЛЖҮҢДӨ *этиш.* Мүлжүң-мүлжүң этүү. [*Чал*] *сууга бөлкөдөн туурап жиберип мүлжүңдөп жейт* (Байтемиров).

МҮЛЖҮҢДӨТ мүлжүңдө этишинин аркылуу мамилеси.

МҮЛЖҮҢДӨӨ мүлжүңдө этишинин кыймыл атоочу.

МҮЛЖҮР *зат.* Мүлжүй турган сөөк, сөөктүн мүлжүгөнгө жарай турган эти. *Колго мүлжүр тийүү.*

МҮЛЖҮТ мүлжү этишинин аркылуу мамилеси.

МҮЛЖҮҮ мүлжү этишинин кыймыл атоочу.

МҮЛК *зат.* 1. Дүнүйө, асыл, кымбат баалуу буюмдар. *Сан кара боз жылкың бар, Сандыгың толгон мүлкүң бар* («Эр Табылды»).

2. Байлык, кенч. *Манас* [*эпосу*] *баарыбызга ортоок.. элдин мүлкү* (Бейшеналиев). *Токтогул аркасына маданияттын баа жеткис мүлкүн таштады* (Бөкөнбаев).

3. Тапкан оокат, үй оокатка керектүү буюмдар, мал. *Жоомарт бекен элге мүлкүн үрөгөн? Дыйкан бекен бермет данын күрөгөн?* (Аалы). *Күтүнгөн анын үй мүлкүн Далай адам көрүшкөн* (Үсөнбаев).

МҮЛТҮЛДӨ *этиш.* 1. Бир калыпта турбай кылтылдоо, ойноктоо. *Боз чымчыктар.. тикендүү буталардын арасында бири-бирин кубалашып, сымаптай мүлтүлдөп ойношот* (Аалы). *Анын.. көздөрү сымаптай мүлтүлдөп, туш-тушка карады* (Аалы).

2. Улам бирөөгө жагынып же өз пайдасына карай эки тараптын улам бирине ооп кылтылдоо, чыныгы жүзүн билдирбөөгө аракет кылуу. *Мүлтүлдөп орто жерде жүргөндөр бар, Мындайга орун койбойт биздин кеңеш* (Аалы). *Билбейт деп ойлойсуң го Экөөңдүн мүлтүлдөгөнүңдү* (Бейшеналиев).

МҮЛТҮЛДӨК *сын.* Кылтылдаган; ишин тымызын, астыртан бүтүргөн, митайым. ..«*Болор бекен, болбос бекен*» *дегендей мүлтүлдөк, арсар кептин кереги жок* (Элебаев). *Мүлтүлдөк эки сөздүү тайгак адам* (Тоголок Молдо).

МҮЛТҮЛДӨӨ мүлтүлдө этишинин кыймыл атоочу.

МҮЛТҮЛДӨТ мүлтүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

МҮЛҮШКӨР мүнүшкөр менен бирдей.

МҮМКҮН *мод.* 1. Ыктымал, балким деген мааниде колдонулат. *Мүмкүн ал.. бир себеп менен мында келбей калган чыгар* (Жантөшев). *Мүмкүн менин кемчилигим табылар* (Аалы).

2. Боло тургандыгын, аткарыла тургандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Эшигин каккылашты башкарманын.— Мүмкүн,— дейт тааныш добуш коңур чыккан* (Абдыраманов).

МҮМКҮНДҮК мүмкүнчүлүк менен бирдей.

МҮМКҮНЧҮЛҮК *зат.* **Бир ишти аткаруу, орундоо үчүн мүмкүн болгон шарт, абал, жагдай, кырдаал.** *Кайназар аксакал колунан келген мүмкүнчүлүгүн аябады* (Аб-

дукаримов). *Машина, тракторлорду сатып алууга толук мүмкүнчүлүк бар* («Ала-Тоо»).

МҮН *зат.* Кемчилик, айып, күнөө, мүүн. *Күйөөсүн таштап келди деп, Күнүлөп кызга мүн кылып* (Үсөнбаев).

МҮНӨЗ *зат.* 1. Жүрүш-туруш, кыялжорук. *Бир мүнөзүң карасам,.. адам айран калгандай* («Манас»). *Короонун четинде жүргөн Уулбала Туяктын бүгүнкү мүнөзүнө таң калды* (Аалы).

2. Түр, абал, көрүнүш; кырдаал. *Эки үйдөгү студенттердин турмушу майрамдык мүнөзгө айланды* (Бейшеналиев).

◆ **Мүнөз тамак** — *этн.* Майы, тузу жок жеңил тамак; оорулуу киши ичүүчү диеталык тамак.

МҮНӨЗДӨ *этиш.* Мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн, мүнөздүү белгилерин көрсөтүү, баяндоо, билдирүү.

МҮНӨЗДӨЛ мүнөздө этишинин туюк мамилеси.

МҮНӨЗДӨМӨ *зат.* Бирөөнүн (же бир нерсенин) мүнөзү, өзгөчөлүктөрү, мүнөздүү белгилери жөнүндө оозеки же жазуу түрүндө берилген түшүнүк, түшүндүрмө. *Көй ферма башчысынын Абылбекке берген мүнөздөмөсү Темировдун эсинен чыга баштады* (Жантөшев). *Анын ишине курбулары мүнөздөмө беришти* («Кыргызстан аялдары»).

МҮНӨЗДӨН *этиш.* Кандайдыр бир мүнөзгө, кыялга окшош келүү, окшошуу.

МҮНҮЗДӨӨ мүнөздө этишинин кыймыл атоочу.

МҮНӨЗДҮҮ *сын.* Кайдайдыр бир мүнөз, көрүнүш таандык, белгилүү бир мүнөзү бар. [*Омор*] *оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү адам* (Сыдыкбеков). *Адыл ачык мүнөздүү.. салмактуу адам* (Сыдыкбеков).

МҮНӨТ минута менен бирдей.

МҮНӨШКӨР *туурасы*: **мүнүшкөр**.

МҮНҮШКӨР *зат.* Алгыр куштү багып, таптап, ууга салуучу киши. *Куш таптаган мүнүшкөр, Ат байлаган саяпкер* (Токтогул). *Мүнүшкөрү жарашса, Алгыр кыраан куш кызык* (Токтогул).

МҮНҮШКӨРЛҮК *зат.* Мүнүшкөрдүн кесиби, куш таптоочулук, куш таптоо иши менен иришүүчүлүк. *Бир кедей мүнүшкөрлүк кылып, таптап куш салат* «(Жомоктор»).

МҮНЧҮРКӨ *этиш.* Жүдөө, басынуу, чүнчүү. *Аз күндөн бери акем мүнчүркөй түштү* (Бейшеналиев).

МҮНЧҮРКӨТ мүнчүркө этишинин аркылуу мамилеси.

МҮНЧҮРКӨӨ мүнчүркө этишинин кыймыл атоочу.

МҮҢГҮРӨ мүңкүрө менен бирдей.

МҮҢКҮР *сын.* 1. Буту-колунан ажыраган. *Мүңкүр болуп отурам* (Аалы).

2. *өт.* Оор, кыйын абалда калган; абдан азап тарткан. *Учуратып мүңкүргө, Нарынбай менин тууганым, Жаш менен бетти жууганым* (Тоголок Молдо).

МҮҢКҮРӨ *этиш.* Өтө басынып жүдөө; кайгыга, санаага батуу; бейкаруулук абалга жетүү. *Мүңкүрөп, азап чегип турганда, Шариптин айтар сөзү ушул беле?* (Бейшеналиев). *Күн мурун эле бел алдырып мүңкүрөп каласыңбы?* (Убукеев).

МҮҢКҮРӨТ мүңкүрө этишинин аркылуу мамилеси.

МҮҢКҮРӨӨ мүңкүрө этишинин кыймыл атоочу.

МҮР мүрү I менен бирдей.

МҮРГҮ *этиш.* 1. Өтө чарчоо; алсыздануу, мөгдүрөө, араң эле туруу. [*Жылдызкан*] *канчалык жумуштан кеч келсе да, уйкусу келип мүргүп турса да чыдайт* (Байтемиров).

2. Сүрдүгүү, мүдүрүлүү, тайгылуу. *Аты жүрбөй кыйласы, Мүргүп кетип баратыр* («Манас»). *Суу ичинде тарталбай, Самын ташка ат мүргүп* («Эр Табылды»).

МҮРГҮТ мүргү этишинин аркылуу мамилеси.

МҮРГҮҮ мүргү этишинин кыймыл атоочу.

МҮРДӨ мүрзө менен бирдей.

МҮРДӨМ: мүрдөмгө келбей — токтоосуз, өтө тез, көз ачып-жумгуча, бир заматтын ичинде. *Келтек экинчи жолу карышкырдын кара тумшугуна тийгенде, ал мүрдөмгө келбей шалк дей түштү* (Каимов).

МҮРЗӨ *зат.* Өлгөн кишини көмүү үчүн казылган көр, чуңкур жана өлүктү көмүүдөн, коюудан кийин пайда болгон дөбөчө; өлүк коюлган жер. *Егордун сөвгүн.. мүрзөгө койгондо Ашыр да катышты* (Сасыкбаев). *Кемпирди уулунун мүрзөсүнө жаназа койдум* (Абдукаримов). *Көрүнгөн дөбөдөгү мүрзө бекен* (Шимеев).

МҮРӨ мүрү I менен бирдей.

МҮРӨК *зат. миф.* Тирилтип жандандыруучу, жашартып күч-кубат берүүчү, ичкен киши өлбөй узак жашоочу суу чыккан булак жана ошондой булактан чыккан суу. *Жаралганда суусун ичкен мүрөктүн, Арча жашыл, касиеттүү бир жыгач* (Акаев). *Ишенем, ишенгеним күндөй жарык, Жашоого мен ичкемин сенден мүрөк* (Шимеев). *Картайганда мен Бакай Өңгөчө дуугa түштүмбү Же мүрөктүн суусун ичтимби* («Сейтек»).

МҮРӨЛ *такт.* Арбын, көп, мол. *Сүтү мүрөл инек.*

МҮРТ *такт.* Токтоосуз, өтө тез, чукулунан. *Кабаган көк дөбөт.. бирөө кетөрүп чапкансып мүрт жыгылып, бүткөн бою титирек басты* (Абдукаримов).

◆ **Мүрт кетүү** — токтоосуз, өтө тез жан берүү, өлүү. *Бекдайыр мүрт кетти* (Элебаев). *Шилтеген жоосу мүрт кеткен,.. Абам кандын Зулпукор* («Сейтек»).

МҮРТӨЗ: кара мүртөз *к.* **кара.**

МҮРҮ I *зат.* 1. Ийин менен колдун сөөгүнүн бириккен жериндеги ийиндин бери чыгып турган бөлүгү; ийин. *Сатар.. Шариптин мүрүсүнөн апчый кармады* (Бейшеналиев). *Гүлайым атасынын мүрүсүнө конуп.. далай ирет эркелеген* (Бейшеналиев).

2. Канаттуу куштардын моюнунан ылдый ийин сыяктанып ийилип кеткен бөлүгү,

ошол бөлүктүн бир азыраак алдыга чыгып, көтөрүлүп турган уч жагы. *Эки ийни уча турган бүркүттүн мүрүсүндөй* (Аалы). *Кар жиликтин түбү деп, Канаттын аныкмүрү деп* («Семетей»).

МҮРҮ II *зат. диал.* Беш тыйын. [*Иштешкен*] *он беш саат жер түбүндө Алышкан Бир мүрүдөн ар күнүндө* (Бөкөнбаев).

МҮҮН *зат.* Кемчилик, кемтик, айып, мүн. *Үйдүн жасалгасында мүүн жок* (Жантөшев).

МҮЧӨ I *зат.* 1. Адамдын денесинин бөлүктөрү (көбүнчө кол, бут жөнүндө). *Он эки мүчө, кырк тамыр таптакыр ооруп зыркырап* («Эр Төштүк»). *Арстан Манас баатырдын Ар мүчөсү башкача* («Манас»).

2. Бүткүл дене, дене түзүлүшү. *Шамбет.. ортодо олтурганында алп мүчөсү козголбогон кара таштай эле* (Сыдыкбеков). *Келиндин мүчөсү келишкен* (Жантөшев).

3. Кандайдыр бир уюмдун, коомдун, адамдардын тобунун составына кирген киши. *Партиянын мүчөсү. Биз менен аңгемелешип отурган колхоздун мүчөсү.. Нурмамбетов* («Ала-Тоо»). *Башкарманын мүчөлөрү ферма башчысынын сунушун бир добуштан кабыл алды* (Каимов).

4. *грам.* Сүйлөмдүн составдык бөлүктөрү (ээ, баяндооч, айкындооч). *Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. Окшош мүчөлөр.*

5. *грам.* Өз алдынча колдонулбаган жана лексикалык мааниге ээ боло албаган сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу морфема. *Жөндөмө мүчөлөр. Таандык мүчө. Жак мүчө. Өнүмдүү мүчө.*

6. Өлүккө келген уруу өкүлдөрүнө жесий адамдарга өлгөн адамды эскерүү иретинде берилүүчү белек, үлүш. *Мүчө берүү. Мүчө бөлүштүрүү.*

◆ **Мүчө-корреспондент**—көрүнүктүү окумуштууларга же искусствонун ишмерлерине белгилүү бир академиянын жалпы чогулушу тарабынан академиянын составына киргизилүү менен берилүүчү наам (академиянын аныкмүчөсүпөн айырмаланып, мүчө-корреспондент чечүүчү добушка ээ эмес).

МҮЧӨ II *этиш.* Мүчөлгө толуу, мүчөлү толуп жетилүү.

МҮЧӨЛ *зат.* 1. Эски эсеп боюнча айбандардын аты менен аталган он эки жылдык жыл эсеби. *Отуз алты үч мүчөл, уй жылына быйыл мөрт* (Аалы). *Алтынчы уул атасынын энчисин Алганына эки мүчөл болгон жок* (Аалы). *Болсо да мүчөлүм жаш, көптү көргөм, Акактап турмуш чөлүн басып келгем* (Бөкөнбаев).

2. Туулгандан кийинки он эки жыл өткөн мезгил (он үчүнчү жылдан тарта кийинки мүчөл башталат; эски ишеним боюнча мүчөлдүн акыркы жылы адам үчүн коркунучтуу, кооптуу болуп эсептелген). *Мүчөлүмө жетмейинче айтпайын деген антым бар эле* («САЖИ»). *Кырк жигитикашында, Кырмызы жоолук башында, Мүчөлүнөн өтүптүр* («Эр Табылды»).

МҮЧӨЛӨ *этиш.* Мүчө-мүчө кылып бөлүү, майдалоо, ажыратуу. *Токтор шашып-бушуп этти мүчөлөдү да, Калыйчага кайрылды* (Абдукаримов).

МҮЧӨЛӨН *этиш.* Дене түзүлүшү окшошуу, окшош келүү. *Энеси мүчөлөнгөн кыз.*

МҮЧӨЛҮК *сын.* Мүчөгө таандык (3-маанисинде). *Мүчөлүк акы. Мүчөлүк милдет.*

МҮЧӨЛҮҮ *сын.* 1. Денелүү, дене түзүлүшү келишимдүү. *Жашы отузга жете элек мүчөлүү жигит* (Сыдыкбеков).

2. Мүчөлөнгөн көрүнүштөгү, кебетеленген. *Эр мүчөлүү Айчүрөк Эң алдында бөлүнгөн* («Сейтек»). *Кыраан бүркүт мүчөлүү Кыргыздын баатыр жаштары*(Калык).

3. *грам.* Сүйлөм мүчөлөрү бар. *Баш мүчөлүү сүйлөм. Көп мүчөлүү сүйлөм.*

МҮЧҮ *этиш.* Жете бербөө, кемин калуу, мүчүлүш болуп калуу. *Колун алыстан сермеп,.. жете албай мүчүп, колун экинчи сермеп убактын бошко кетирген теримчилер да болот* (Убукеев). *Бирок алдыкыларга жетпей мүчүп калышты* (Осмоналиев).

МҮЧҮЛҮШ I *такт.* Кем, чала; кемчил, кемтик. [*Пахта*] *биринен-бири кылдай да мүчүлүшү жок тегиз көрүнөт* (Байтемиров). *Башка аткаруучулар да мындай майда-чүйдө мүчүлүштөрдөн кур эмес* («Ленинчил жаш»).

МҮЧҮЛҮШ II *этиш.* Мүчүлүштөө. *Бала катты ичинен шашпай окуп жатат. Кезек-кезек мүчүлүшүп токтоп да калат* («Ала-Тоо»).

МҮЧҮЛҮШТӨ *этиш.* Кемүү, жетишпөө, жете бербөө. *Башка сабактан мүчүлүштөй койбоспуз* (Бейшеналиев).

МҮЧҮЛҮШТӨӨ мүчүлүштө этишинин кыймыл атоочу.

МҮЧҮЛҮШТӨТ мүчүлүштө этишинин аркылуу мамилеси.

МҮЧҮЛҮШТҮК *зат.* Мүчүлүш болгондук, аздык, жетишпегендик.

МҮЧҮТ мүчү этишинин аркылуу мамилеси.

МҮШКҮЛ *зат.* Кыйынчылык, кайгылуу, азаптуу иш, түйшүк. *Экинчи мүшкүл атамдын каты* (Сасыкбаев). *Быйылкы кургакчылык элдин башына түшкөн өтө оор мүшкүл болду* (Абдукаримов). *Далай мүшкүл иштер өттү башыман* (Турусбеков).

МҮШКҮЛДҮҮ *сын.* Кыйын, азаптуу, түйшүктүү, кайгылуу. [*Каныбектин*] *башынан өткөн мүшкүлдүү жомокторун угуп отурду* (Жантөшев).

МҮШӨК мешок менен бирдей.

МҮШТӨК *зат.* Тамеки тартуу үчүн ылайыкталып катуу нерседен (мүйүздөн, жыгачтан, металлдан ж. б.) жасалган, оозго тиштөөчү жагы ичкерээк келген түтүкчө. *Бугимов мүштөгүн катуу кагып,..кайрадан чылым жасады* (Сасыкбаев). *Бугимов мүйүз мүштөгү менен столду тыкылдата зекип сурады* (Сасыкбаев).

МЫДЫР *зат.* **Кыймылга келген же көрүнгөн, билинген, колунда бар нерсе.** *Бардык мыдырын тартып алдык* («Коммунист»).

◆**Мыдыр эткен** — кыймылга келген, кыймылдаган, кыбыр эткен. *Бул чөйрөдө бизден башка мыдыр эткен жан жок* (Элебаев). *Ал жерде кепеде отургандардан башка мыдыр эткен тирүү жан жок эле* (Убукеев). *Мыдыр эткен бир жандын карааны жок* (Жантөшев).

МЫДЫРСЫЗ *сын.* Мыдыры жок, кыймылсыз, кыймылы жок.

МЫЁ *сырд.* Мышыктын үн чыгаруусун билдирүү үчүн колдонулат.

МЫЁЛО *этиш.* Мыёлоо-мыёлоо эткен дабыш чыгаруу. *Ачка мышык мыёлоп үйгө кирди, Аңдып келип илинген майды көрдү* (Бөкөнбаев).

МЫЁЛОО мыёло этишинин кыймыл атоочу.

МЫЁЛОТ мыёло этишинин аркылуу мамилеси.

МЫЖУУ мыжы этишинин кыймыл атоочу.

МЫЖЫ *этиш.* 1. Катуу, эзе мыкчый кармоо, аткып мыкчуу. [*Сооронбай*] *өз колун өзү мыжып-мыжып алды* (Жантөшев).

2. Маңызданып, эзип көп сүйлөө.

3. *өт.* Жанга батуу, эзүү, кыйноо. *Дашанын буркураган муңдуу ыйы бир жагынан жүрөгүн мыжып жиберди* (Сасыкбаев). *Элди эзип, мыжыган падыша жан талашып калтаарый баштады* (Бектенов).

МЫЖЫГУУ мыжык этишинин кыймыл атоочу.

МЫЖЫГЫШ мыжык этишинин кош мамилеси.

МЫЖЫК *этиш.* Мыжуу, мыжый кармоо. [*Кожоюн*] *чөркөгө көчүгүн коюп башын мыжыккан бойдон отуруп калды* (Убукеев). [*Кадырбек*] *бүткөн боюн калтыратып катты мыжыга баштады* (Жантөшев).

МЫЙ I: мый-мый *сырд.* Мышыкты чакырууда колдонулат.

МЫЙ II: чый-мыйы чыгуу *к.* **чый.**

МЫЙЗАМ I мийзам I менен бирдей

МЫЙЗАМ II *эс.* **мийзам II** менен бирдей.

МЫЙРЫЙ *этиш.* Кебинен, түрүнөн бузулуу; кейпи, кебетеси жаман болуу. *Ал мыйрыйган, бырышкан, түйдөктөлгөн сары чачтуу неме.*

МЫЙТЫЙ *этиш.* Бөйтөйүп абдан кичинекей көрүнүштө болуу. *Жылдызкан мыйтыйган колдорун катуу түйдү да, кескин шилтеп алды* (Байтемиров).

МЫЙТЫҢ: мыйтың-мыйтың *туур.* Бөйтөйгөн, кичинекей көрүнүштөгү, мыйтыйган көрүнүштөгү кыймыл-аракеттин элесин билдирүү үчүн колдонулат. *Ал* [*Турсун*] *мыйтың-мыйтың чуркап, үйүнө келди* («Жаш ленинчи»).

МЫЙТЫҢДА *этиш.* Мыйтың-мыйтың этүү, мыйтың-мыйтың эткен көрүнүштө, аракетте болуу.

МЫЙТЫҢДАТ мыйтыңда этишинин аркылуу мамилеси.

МЫЙТЫҢДОО мыйтыңда этишинин кыймыл атоочу.

МЫЙЫК: мыйыгынан күлүү — үн чыгарбай мурурутунан жылмайып коюу, билинер-билинбес жылмайып күлүмсүрөө. *Алымкул көзүн кысып, мыйыгынан гана күлүмсүрөп койду* (Абдукаримов). *Шаңыя мыйыгынан күлө башын ийкеди да, чыгып кетти* (Жантөшев).

МЫК *зат.* Бекитип кагуу үчүн колдонулуучу, көбүнчө бир башы учтуу, экинчи башы бөрктүү кичинекей таякча металл; чеге. *Жыгач уста вагондун алдына төшөлгөн тактайга мыкты житире кагып жатат* (Сасыкбаев). *Кыз.. терезенин үстүндө жалгыз мыкка илинген сүрөттү көрдү* (Сыдыкбеков).

МЫКААЧЫ *зат.* 1. Киши жегич. *Корккондой ал мокочо же мыкаачы эмес го* («Ала-Тоо»).

2. Бирөөнү кыйнап өлтүрүүчү, бирөөнү аябаган, ырайымсыз, жырткыч. *Кылычын канга малса корстон болгон, Мыкаачы кайдан билсин эрдин баркын!* (Маликов).

МЫКААЧЫЛЫК *зат.* 1. Мыкаачыга таандык сапаттар, өзгөчөлүктөр.

2. Ырайымсыздык, жырткычтык. *Басмачылар мыкаачылыгын аяшпаган көрүнөт* (Жантөшев).

МЫКТА *этиш.* Мыктылоо, мыкты, сонун түргө келтирүү, жакшыртуу, бекемдөө. *Үйүн мыктады. Ишинин сапатын мыктады. Аттарын мыктады.*

МЫКТАЙ мыкты менен бирдей.

МЫКТАП *такт.* Абдан катуу, аябай. *Урушту мыктап кылайын, Урушпай кантип турайын* («Эр Төштүк»). *Башкаң тамак бышырып, Этке мыктап тоюңар* («Эр Табылды»). *Шайман качып Бакайдан, Мүшкүлгө мыктап баткан кез* («Сейтек»).

МЫКТАТ мыкта этишинин аркылуу мамилеси.

МЫКТОО мыкта этишинин кыймыл атоочу.

МЫКТУУ мыкты менен бирдей.

МЫКТУУЛА мыктыла менен бирдей

МЫКТУУСУН мыктысын менен бирдей.

МЫКТЫ *такт.* 1. Кыйын, абдан жакшы; сонун. *Мыкты болсо эр Төштүк, Жөө күлүгүн камдасын* («Эр Төштүк»). *Атам.. оор басырык, мыкты киши эле* (Баялинов). *Осмон.. мыкты иштегендиги үчүн сыйланды* (Сасыкбаев).

2. Атактуу, белгилүү, бийликтүү, чоң. *Олжобай мыкты болуптур Калың кыпчак урууга* (Үсөнбаев).

3. Аябай, өтө, абдан. *Эшен чал сени сойбосом, Каныңа мыкты тойбосом* («Манас»).

• **МЫКТЫЛА** *этиш.* 1. Бекемдөө, жакшы кылуу. *Бекиттирип мыктылап, Кийизден боз үй ордосун* (Каралаев). *Мыктылап туруп бир там салдырып алайын деп жаткан экен го* (Турусбеков).

2. Аябай аракет кылуу.

МЫКТЫЛАН мыктыла этишинин өздүк мамилеси.

МЫКТЫЛОО мыктыла этишинин кыймыл атоочу.

МЫКТЫЛЫК *зат.* Бекемдик, кыйындык, мыкты сапат. *Чапса кылыч кеспеген, Мыктылыгы дагы бар* («Эр Төштүк»).

МЫКТЫСЫ мыктысын менен бирдей.

МЫКТЫСЫН *этиш.* Өзүн кыйын, мыкты катарында көрсөтүүгө умтулуу, тыңсынуу. *Чотурдун.. мыктысынган кебетесин кыртышым сүйбөдү* (Касымбеков). *Мыктысынып жатасың, Биздин сөздү эп көрбөй* («Семетей»).

МЫКТЫСЫНУУ мыктысын этишинин кыймыл атоочу.

МЫКЧЕГЕР *зат.* Кандайдыр бир коллективдин, элдин арасындагы, үй-бүлө ичиндеги мыктысы, тыңы, кыйыны, башкаруучусу. *Бир айылдын мыкчегери. Ушул үйдүн мыкчегери.*

МЫКЧУУ мыкчы этишинин кыймыл атоочу.

МЫКЧЫ *этиш.* 1. Өтө катуу, эзе кармоо; оорута кармоо; абдан бекем кармап алуу. *Мамбеткул санын мыкчып отуруп калды* (Қаимов). *Татыбек сол колу менен башын мыкчып, жер чыканактап жатат* (Байтемиров). *Гүлай свитеримдин жакасынан мыкчый тартты* («Ленинчил жаш»).

2. Мыжып аралаштыруу, аткып, мыжый кармоо. [*Балдар*] *сүттүн үстүн калпып, талкан мыкчып жегенди жакшы көрүшө турган* (Жантөшев).

МЫКЧЫЙ *этиш.* Кекирейүү, кекирейип, кейкейген көрүнүштө болуу. *Мыкчыйып калыс жандай акыл сүйлөп, Астыртан бар экен да каткан касың* (Абдыраманов).

МЫКЧЫЙТ мыкчый этишинин аркылуу мамилеси.

МЫКЧЫЛ мыкчы этишинин туюк мамилеси.

МЫКЧЫТ мыкчы этишинин аркылуу мамилеси.

МЫКЧЫЮУ мыкчый этишинин кыймыл атоочу.

МЫҚЫЙ I *зат.* Желке, кежиге.

МЫҚЫЙ II: мыкый үкү — жапалак үкүгө караганда кичирээк болуп, моюну кыска, ийни куушурулуу келген, зыяндуу курт-кумурскалар менен тамактануучу үкүнүн бир түрү.

МЫҚЫЙ III: мыйык менен бирдей.

МЫҚЫЙ IV *этиш.* Тыпыюу, мыкчыйып тымпыюу. *Мүнөзү белгилүү го койсом айтпай, Мыкыят «мен» дегендей сырын ачпай* (Абдыраманов).

МЫҚЫЙЛА *этиш.* Мыкыйынан алуу, желкелөө, кежигеден алуу.

МЫҚЫЙЛАШ *этиш.* 1. Мыкыйла этишинин кош мамилеси.

2. Чарпышуу, серпишүү, айтышып калуу. *Калпа аялы менен азыраак алым-сабак айтышып, кичине мыкыйлашкандан кийин, калган.. этти бүт салууга туура келди* («Ала-Тоо»).

МЫҚЫН быкын менен бирдей.

МЫҚЫЮУ мыкый этишинин кыймыл атоочу.

МЫЛГЫ *этиш.* Матырылуу, кирүү, сайылуу, батып кетүү. *Ок көзүнө мылгыды* («Манас»).

МЫЛГЫТ мылгы этишинин аркылуу мамилеси.

МЫЛЖЫЙ *этиш.* 1. Тишин көрсөтпөй, мыйыгынан жылмайымыш болуу. *Кармыш мылжыя тартып, кем ээк эриндерин кымтып, кылыя карап турду* (Бейшеналиев). [*Көкө*] *орто-саар калып, мылжыйып жер тиктеп гана жөн болду* (Қасымбеков).

2. Өтүмү жок, жоош болуу; бир ишти бүтүрбөй, эзилип жүрө берүү.

МЫЛЖЫҢ *сын.* Эзме, оюн олуттуу түрдө так, ачык билдирбеген; уяң, өтүмү жок. *Жашыңда мылжың болсоң, карыганда кылжың болорсуң* (макал). *Атаң андан, бир тууганың экөөң мындан мылжың.. кокуй экенсиңер* (Сасыкбаев).

МЫЛЖЫҢДА *этиш.* Олуттуу сүйлөбөй кылжыктоо, оюн ачык айтпоо; уяңдык кылуу, өтүмү жок болуу.

МЫЛЖЫҢДОО мылжыңда этишинин кыймыл атоочу.

МЫЛК *туур.* Көбүнчө мылгыган, кандайдыр бир жумшак нерсеге бата түшкөн абалды билдирүү үчүн колдонулат. *Найза кирди мылк этип.*

МЫЛМЫГЫЙ *сын.* Мылмыйган, ылжыраган, өтө бош (толук, семиз киши жөнүндө).

МЫЛМЫЙ *этиш.* Бардык нерсеге кош көңүл мамиле кылуу; бош, өтүмү жок болуу (толук, семиз киши жөнүндө).

МЫЛТЫК *зат.* Қолдун жардамы менен атылып,ок чыгаруучу узун стволдуу курал. *Барпы эки-үч күндүн биринде эле мылтык алып тоого барат* (Байтемиров). [*Шахтёрлор*] *мылтык дарысын салып милте коюшту* (Сасыкбаев). *Тарсылдаган мылтык үнү Капчыгайды бузгандай* (Бөкөнбаев).

МЫЛТЫКТУУ *сын.* Мылтыгы бар. *Мылтыктуулар ок-дарыңды камдагыла* (Турусбеков).

МЫЛТЫҚЧАН *зат.* Мылтыктуу, мылтык асынган.

МЫНА *ат.* 1. Алдыда, чукул, жакын турган нерсени көрсөтө, шилтей айтуу үчүн колдонулат. *Мына бул жердин берекесин карасаңчы!* (Жантөшев). *Мына момунда Ышкынаалынын эски тебетейи илинип турат* (Байтемиров). *Мына түштүк жакта дүгдүрөйүп.. тоо жатат* (Байтемиров).

2. Мезгилди, убакытты ж. б. белгилей көрсөтүү үчүн колдонулат. *Мына ошондо чоң Көкдөө Қаарын сала берди эми* («Эр Төштүк»). *Сармерденди мына взум баштайм* (Сыдыкбеков). *Мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң* (Байтемиров).

МЫНАКЕЙ *ат.* Қандайдыр бир нерсе, көрүнүш, окуя ж. б. жөнүндө көрсөтө, белгилей айтуу үчүн колдонулат. *Мынакей биздин малчылар, Малдарын аман багышкан* (Осмонкул). *Колхоздогу шайыр жаштар мынакей* (Турусбеков). *Мынакей газетадан окуп чыксам, Сыйланган орден менен бир топ адам* (Нуркамал).

МЫНДА *такт.* Ушул жерде, бул жерде. *Мында' да, тигинде да.. кайырмак салып олтурган балыкчылар* (Сасыкбаев). *Түн жамынып кетейин, Болбос мында турганым!* (Жантөшев).

◆ **Анда-мында** — 1) ар кайсы жерде, чогуу бир жерде эмес; бир кылка эмес; 2) кээде, кезек-кезек.

МЫНДАЙ *ат.* 1. Ушундай, ушул сыяк-

туу, ушул өңдүү деген мааниде колдонулат. *Эми иш мындай болсун..* (Жантөшев). *Жылдызы экен адамдын Ким жактырбайт мындайды* («Курманбек»).

2. Бери, жакын, берирээк, бул жерге, тигиндей деген мааниде (көбүнчө отуруу, турууга карата) колдонулат. — *Апай,— деди ошол замат ажарду карап Акия,— мындай келип олтуруңузчу* (Сыдыкбеков).

◆ **Андай-мындай дегиче** *к.* **андай.**

МЫНДАЙЧА *такт.* Ушундайча, мына мындай, ушул сыяктуу деген мааниде колдонулат. *Мындайча деп бир адам Баш көтөргөн жок болду* («Семетей»).

МЫНДАН *такт.* Ушундан, мына ушул учурдан, мына ушундан. *Шамбет бул күүнү мындан үч жыл мурун.. карыядан үйрөнгөн* (Сыдыкбеков).

МЫНЧА *такт.* Кандайдыр бир өлчөмдүк маанини, аракеттин канчалык даражада экендигин билдирүү үчүн колдонулат. — *Сапий, неге мынча отуруп калдың?* (Каимов). — *Ай, эй, Элебес экен. Мынча эмне ашыгып келатат, ал?* (Сыдыкбеков). — *Мынча өнөрдү бизге билгизбей, кайсы жерице катып жүргөнсүң..* (Сыдыкбеков).

◆ **Анча-мынча** *к.* **анча.**

МЫНЧАЛЫК *такт.* Мынча, ушунча деген өлчөмдүк маанини же аракеттин канчалык даражада экендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Нурбай шаштысмнеге мынчалык, Тез жөнөдү, «жүр» дегенге жарабай* (Аалы).

МЫҢ: кыңк-мыңк *к.* **кыңк.**

МЫҢКЫЛДА *этиш.* Ачык айта албай күңк-мыңк этүү, сөздөрүн ачык, даана айтпоо. *Калый эмне деп жоп берерин билбей буйдалып, мыңкылдап калды* (Сасыкбаев). *Акман бирдемени мыңкылдап коюп, ..талпактын үстүндө.. олтурат* (Сыдыкбеков).

МЫҢКЫЛДОО мыңкылда этишинин кыймыл атоочу.

МЫРЗА *зат.* 1. Башкаруу иштерине, бийликке аралашып жүргөн адам, кол алдында иштеген кызматкерлери, малайлары ж. б. бар, көбүнчө анчалык улгая элек адам. *Терилип манап, бай, мырзалары, Ал күнү Кочкордогу ашка келген* (Маликов). *Кийгени шайы мырзамдын, Бар сыпатын айтайын* (Бөкөнбаев).

2. *сүйл.* Өз боюн, кийим-кечесин тың алып жүргөн жигит; азамат. *Кана эмесе мырзалар Жарымды элге салгыла* («Мендирман»). *Маалым мырза келатат* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Берешен, март, жоомарт.

◆ **Мырза терек** — төмөн жагында майда бутактары жок, узун, түз өсө турган сыйда терек (көбүнчө курулуш иштеринде колдонулат). *Иреттүү бак-дарак, жээгине ак тал менен мырза терек кырка толгон ..арыктар* (Касымбеков).

МЫРЗАЛЫК *зат.* Мырзага таандык абал, сапаттар.

МЫРС: мырс эткен — мыдыр эткен, кыбыр эткен, кыймылдаган. *Мындан [бийик ашуудан] башка дүйнөдө мырс эткен неме көзгө илинбейт* (Элебаев).

МЫРТЫГЫЙ *сын.* Толугураак, толмоч келген кыска; мыртыйган.

МЫРТЫЙ *этиш.* Толук, жоон, кыска көрүнүштө болуу, быртыйып көрүнүү. [*Элебестин*] *мыртыйган күчтүү колдорун* (Акия).. *бек-бек кыса кармайт* (Сыдыкбеков).

МЫРТЫЮУ мыртый этишинин кыймыл атоочу.

МЫРЫЙ *этиш.* Бир жагы же бир чети, көбүнчө учтанып турган жагы кемирейген же жырык абалда болуу.

МЫРЫК *сын.* 1. Бүтүн эмес, кемирейген, кетилип калган, жырылган. *Мырык чүкө.*

2. Мурду маңка, жырык, мырыйган.

МЫРЫҢ: мырың-мырың *туур.* Көбүнчө мурду мырыйган адамдын сүйлөгөндөгү абалын билдирүү үчүн колдонулат.

МЫРЫҢДА *этиш.* Мырың-мырың этип, мурдунан сүйлөө.

МЫРЫҢДОО мырыңда этишинин кыймыл атоочу.

МЫСКАЛ *зат. тар.* 4,26 грамм чамасындагы эски өлчөм чени. *Бир мыскал күмүш* («САЖИ»).

МЫСКАЛДА *этиш.* 1. Мыскалга барабар кылып ченөө, өлчөө. *Мыскалдап ченөө.*

2. *өт.* Кичинекейден, аз-аздан, акырындык менен. *Батмандап кирген оору мыскалдап чыгат* (макал).

МЫСКАЛДОО мыскалда этишинин кыймыл атоочу.

МЫСҚЫЛ *зат.* Какшык аралаш айтылган шылдың, келеке. *..бул мыскылыңа чыдабайм, алжыган айбан,— деди Тагай* (Абдукаримов). *..Толмоч кара тоголок бала Маликтин сөзүн коштоп, Өмүрбекти мыскылга ала сүйлөдү* (Таштемиров).

МЫСҚЫЛДА *этиш.* Шылдыңдоо, шылдың кылуу, келекелөө. *Мыскылдап мени шектүү карайсыңар, Кеткиле андан көрө үйгө тарап* (Аалы).

МЫСҚЫЛДАТ мыскылда этишинин аркылуу мамилеси.

МЫСҚЫЛДОО мыскылда этишинин кыймыл атоочу.

МЫСҚЫЛДУУ *сын.* Шылдыңдуу, келекелүү, шылдың кылгандай, шылдың кылган сыяктуу, мыскыл менен. *Шейше жеңесине мыскылдуу карады* («Ала-Тоо»). *Эштектин Жумасы мыскылдуу күлкүсүн чыгарды* (Жантөшев).

МЫТААМ митаам менен бирдей.

МЫТАЙЫМ митайым менен бирдей.

МЫТАН *зат.* Тузу жок, ачыбаган суюк тамак (көбүнчө жармага карата). *Мытан жарма.*

МЫТКУУ мыткы этишинин кыймыл атоочу.

МЫТКЫ *этиш.* Мыкчый кармоо, аткып эзе кармоо. *Калдайып кара бүркүт мыткып алып, Темирдей тырмактарын канга малып* (Аалы).

МЫТКЫТ мыткы этишинин аркылуу мамилеси.

МЫТЫ *этиш.* Бармагы, сөөмөйү жана ортону менен мыткый кармоо, аткый кармоо.

МЫТЫРАЙ мыртый менен бирдей.

МЫЧКЫ мыкчы менен бирдей.

МЫШ I *сырд.* Мышыкты кубалоодо айтылуучу сөз.

МЫШ II: мыш болуу — уят болуп калуу, шылдың болуу, уятка калуу. *Унутулгус иш болуп, Урушам деген Коңурбай өзү келип мыш болуп* («Манас»). **Мыш кылуу** — уят кылуу, шылдың кылуу.

МЫШАКАТ машакат менен бирдей.

МЫШАКАТТУУ машакаттуу менен бирдей.

МЫШМЫЙ *этиш.* Мылмыйып, чечкиндүү эмес көрүнүштө болуу. *Кээде гана мышмыйып күлүп коёт* («Ала-Тоо»).

МЫШЫК *зат.* Көбүнчө чычкан алып жей турган колдо багылуучу жаныбар. *Мышыкка оюн, чычканга өлүм* (макал). *Тагыл мышык терезеден керебеттин башына секирип түштү* (Сыдыкбеков).

МЫШЬЯК *зат.* 1. Көпчүлүк минералдардын составына кирүүчү уулуу катуу зат, химиялык элемент.

2. Ушул заттан жасалып медицинада жана техникада колдонулуучу препарат.

МЫШЬЯКТУУ *сын.* Мышьяк кошулган, мышьягы бар.

МЫЯ *зат.* 1. Куурай сыяктуу өсүүчү сары гүлдүү отоо чөп. *Ак мыя. Кызыл мыя. ..Эгинге зыян келтирүүчү отоо чөптөр: кекире, ак мыя, чырмоок.. жана башкалар.*

2. Ушул өсүмдүктүн тоголок буурчак сыяктуу дандары. *Ташы жүрөт, ташын бирден терейин, Мыя жүрөт, мыяларын элейин* (Осмонов).

МЫЯТ *зат.* Жак, тарап, жактоочу, коргоочу. *Жаңы уставды кабыл аларда Мамбеткулга мыят болуучулар өтө аз сыяктанат* (Қаимов).

МЭЭ *зат.* 1. Баш сөөгүнө жайланышкан, адамдардын жана айбандардын нерв системасынын борбордук бөлүгү болгон зат. *Аш — эзси менен, баш — мээси менен* (макал). *Чыгарып алтын мээден ар кыл акыл, Миң сандуу билим, өнөр баарын тапкан* (Бөкөнбаев). *Төрт Мамытын койбостон, Жайната муштайм мээсин* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Акыл, акыл-эс.

◆ **Көк мээ** *к.* **көк IV. Кулак-мээни тундуруу** *же* **кулак-мээни жаруу** — кулак жаңырткан катуу дабыш чыгаруу, бакашака түшүү. *Күңгүрөгөн доолбас Кулакмээни тундурду* («Семетей»). *Балдар кулакмээни жарып ышкырып да жиберишти* (Жантөшев). **Кулак-мээсин жейт** — тынчтык бербөө, дайны жок эле жемелей берүү, тажатуу. *Үйүнө кирип-чыгып күңкүлдөп аялынын кулак-мээсин жейт* («Ала-Тоо»). **Мээ кылуу** — сүйлөй берип тажатуу, башын айландыруу.

МЭЭЛЕ *этиш.* Таамайлоо, кароолго алып көздөө, болжоо. *Баамдап, байкап олтурган Эмил тигини жазбай мээлеп башка атты* (Сыдыкбеков). *Мээлесе көздү жара аткан Мергендерди бир бөлдү* («Манас»).

МЭЭЛЕЙ *зат.* Салаалары өзүнчө-өзүнчө (беш салаа) же бармагынан башкасы туюк кылып токулган же териден, булгаарыдан тигилип жасалган колго кийилүүчү кол кап. — *Ме, кийип ал,— дейт [кемпир] жалгыз бармактуу жүн мээлейин чалына берип* (Байтемиров). *Тери мээлей — Керим чалдын колунда* (Маликов).

МЭЭЛЕТ мээле этишинин аркылуу мамилеси.

МЭЭЛӨӨ мээле этишинин кыймыл атоочу.

МЭЭЛҮН мелүүн менен бирдей.

МЭЭЛҮҮ *сын.* Акылдуу, акыл-эстүү. *Шахтада көп иштеген курч, мээлүү кыргыз турбайбы [дейт Андрей Капаралыны]* (Сасыкбаев).

МЭЭНЕТ *зат.* 1. Азап, убарасы көп кыйынчылык. *Жакшы келсе — дөөлөт, жаман келсе — мээнет* (макал). *Ошол кездеги кедейлер өзгөчө башынан көп мээнеттерди өткөргөн* (Қаралаев).

2. Эмгек, күч-аракет. *Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болор* (макал). *Мына ушул жүзүмдү өз мээнети менен өстүрдү* (Каимов).

◆ **Мээнетиңди алайын** *же* **мээнет кетейин** — айланайын, кагылайын деген сыяктуу жалынуу маанисинде колдонулат. *..Жылдызкан, чарчаган жоксуңбу ыя? Үлүрөйгөн мээнетиңди алайын* (Байтемиров).

МЭЭНЕТКЕЧ *сын.* Эмгекчил, иштегенди жакшы көргөн, эмгекти сүйгөн. *Биздин дыйкандар эзелтен мээнеткеч келет* («Кыргызстан аялдары»). *Иманахун абдан мээнеткеч жигит, жумушту сүйөт* (Абдукаримов).

МЭЭНЕТКЕЧТИК *зат.* Эмгек кылууну, эмгекти сүйгөндүк. *Бекжандын мээнеткечтигине [Ражаб устанын] көзү жетип калды* (Абдукаримов).

МЭЭНЕТТЕН *этиш.* 1. Кыйналып азап чегүү, азап тартып иштөө.

2. Эмгектенүү, эмгек кылуу. *Мээнеттенсеңер — сөөлөтүң көрөсүңөр* («Чалкан»).

МЭЭНЕТТЕНДИР мээнеттен этишинин аркылуу мамилеси.

МЭЭНЕТТЕНҮҮ мээнеттен этишинин кыймыл атоочу.

МЭЭНЕТТҮҮ *сын.* Азаптуу, шордуу, кыйын. *Мээнеттүү күнгө кабылып, Бек кейиди чиркин жан* («Манас»).

МЭЭР мээрим менен бирдей. *Мээри түшүп калды. Эненин мээри кандай* (Шимеев).

◆ **Мээр чөбү бар** — бирөөнү өзүнө тез тарта турган, тез бура ала турган (адам жөнүндө). *Теги Чаке ушу сенде мээр чөп бар [го дейм?]*.. (Сыдыкбеков).

МЭЭРБАН *сын.* Мээримдүү, кайрымдуу, сүйкүмдүү, сүймөнчүлүктүү. *Назгүл да мээрбан ападай* [Гүлайымды] *бооруна кысты* (Бейшеналиев).

МЭЭРБАНДЫК *зат.* Мээримдүүлүк, сүймөнчүлүктүүлүк, кең пейилдүүлүк, кайрымдуулук. *Нурмат өзгөчө мээрбандык менен атасына карады* (Абдукаримов).

МЭЭРДҮҮ мээримдүү менен бирдей.

МЭЭРИМ *зат.* Сүймөнчүлүк, жагымдуу мүнөз, күйүмдүүлүк, кайрымдуулук, сүйгүнчүктүүлүк. *Ушул учурда эне кадимки энелик мээрим менен элжиреп карады* (Байтемиров).

МЭЭРИМДҮҮ *сын.* Сүймөнчүлүк менен, сүйкүмдүү, кайрымдуу, сүйгүнчүктүү, жайдары. *Атам эмнегедир мээримдүү жылмайып турду* («Жаш ленинчи»). *Эне деген ошондой күйүмдүү, мээримдүү, чыдамкай, кенен..* (Байтемиров).

МЭЭРИМДҮҮЛҮК *зат.* Мээримдүү, сүйкүмдүү сапаттар, сүйгүнчүктүүлүк, жайдарылык. *Айым эне өтө мээримдүүлүк менен небересинин маңдайын сылады* («Кыргызстан пионери»).

МЭЭРИМСИЗ *сын.* Мээрими жок, сүйкүмсүз; таш боор. *Туугандай ушундай мээримсиз киши экен ээ,— дешип туугандар өздөрүнчө кейий баштады* (Каимов).

МЭЭРМАН мээрбан менен бирдей.

Н

НААБАЙ *зат.* 1. Тандырга нан бышыруучу жана аны сатуучу адам. *Наабай өлүп жатса, койнунан наны чыгып жатат* (макал).

2. Наабайкана.

НААБАЙКАНА *зат.* Тандырга нан бышыруучу жер.

НААБАЙЧЫ *зат.* Тандырга нан бышыруучу жана сатуучу адам. *Мадалахун деген наабайчыга күнүгө бир чоң көтөрүм куурай көтөрүп барабыз* (Жантөшев).

НААДАН *сын.* Маданиятсыз, билимсиз, маалыматы жок, окубаган; кейбир. *Өмүрдүн билбейт кадырын жигиттин наадан начары* (Тоголок Молдо). *Алдар! — деди Көсөөгө,— бир жай адам,—Сага алдаткан эси жок кандай наадан* (Осмонов).

НААДАНДЫК *зат.* Маданиятсыздык, билимсиздик, маалыматы жоктук, окубагандык, кейбирлик. *Көөп кетмек наадандык, Көтөрүлбөй жүрүңөр* (Тоголок Молдо).

НААДАНЧЫЛЫК **наадандык** менен бирдей.

НААЛ наалы I менен бирдей.

НААЛАТ *зат.* Каргыш. *Намыстуу жигит боло көр, Наалатын албай элиңдин!* (Бөкөнбаев). *Наалатка калган душманга Намысты колдон бербедиң..* (Бөкөнбаев).

НААЛУУ наалы этишинин кыймыл атоочу.

НААЛЫ I *зат.* Өтүктүн такасына урула турган темир. *Наалысы алтын, жез өкчө Айдаркандын баласы, Ала көөдөк эр Көкчө* («Манас»).

НААЛЫ II *этиш.* Кейип-кепчүү, капалануу, кайгыруу. [*Капитан*] *бирөөнүн капаланганын, наалып сүйлөгөнүн өлгүдөй жек көрөт* (Жантөшев).

НААЛЫТ наалы этишинин аркылуу мамилеси.

НААМ *зат.* 1. Ат, ысым. — *Уулум! Кат сенин наамыңа жазылыптыр* (Баялинов). *Аскердеги агалар катты атамдын наамына жиберчү* (Айтматов).

2. Кандайдыр бир кызмат абалын, адистигин аныктоочу аталыш, көрүнүктүү синирген эмгегин белгилөө, урматтоо катарында берилүүчү ардактоо даражасы. *Илимий наам. Согуштук наам. Советтер Союзунун Баатыры эң ардактуу наам.*

НААМА *сын.* Окубаган, сабатсыз, караңгы. *Наама киши.*

НААМДУУ *сын.* Атагы чыккан, даңкы чыккан; атактуу, белгилүү.

НААР I *зат.* Тамак. *Эртең биздикин келип наар татып кеткиле* (Бөкөнбаев).

НААР II *зат.* 1. Көбүнчө булгаарыга ныгыра басып түшүрүлгөн оюу, гүл, түр; жол-жол из.

2. Алакандагы, беттеги майда сызыктуу издер. *Колдун наары. Беттин наары.*

НААРАЗЫ *сын.* Ыраазы эмес, көңүлүнө жакпаган абал. *Актан топусун ала коюп, башын кашылап нааразы болгон балдарды карады* (Бейшеналиев).

НААРАЗЫЛЫК *зат.* Ыраазы эместик, ыраазы болбогондук. *Чүкөбай буга нааразылык түрүн салып, үнсүз-сөзсүз атын көздөй басты* (Баялинов).

НААРДАШ *этиш.* Бирге тамак ичүү, тамактануу, даам татуу. *Ушул кезге чейин [Сопубек менен Казанчы] маңдай-тескей отурушуп, наардашып көргөн эмес* (Аалы).

НААРДАШУУ наардаш этишинин кыймыл атоочу.

НААРДУУ *сын.* Наары бар, наар түшүрүлгөн, наар түшкөн.

НАБАК *зат.* Түрмө, кылмыштууларды камоочу жай.

НАБАКТЫ *туурасы*: **набак**.

НАБАТ *зат.* Кристалл түрүндө катырылган кант.

НАВАЙ наабай менен бирдей.

НАГАН *зат.* Огу айланып турган барабанга салынган тапанча; жалпы эле тапанча.

НАГЫЗ *сын.* Чыныгы, аныктуу; бир нерсе кошулбаган. *..Нагыз украина элине таандык бир жакшы ырды аткара баштады* (Сыдыкбеков). *Чолпонбай нагыз эр болду, Душмандан коркпос шер болду* (Осмонкул).

НАДСТРОЙКА *зат.* Коомдун саясий, укуктук, диний, философиялык көз караштары жана ага ылайык коомдун белгилүү бир экономикалык түзүлүшүнө — базиске жараша келип чыккан саясий, укуктук ж. б. мекемелер.

НАЗ *зат.* Кылык, кылык көрсөтүүчүлүк. *Сулуулар бетин өптүрөт, Толгоно берип наз менен* (Токтогул).

НАЗАР *зат.* Көңүл бөлүүчүлүк, зээн коюучулук. *Отурган адамдардын назары жалгыз гана төрдө малдаш токунуп отурган ак сакал адамга бурулган* (Каралаев).

◇ **Эр назар тийген** — иши оңунан чыккан. **Назары сынуу** — **көңүлү калуу**, шагы сынуу. *Чоочун кишиден суук сөз укканга назары сынса да эптеп чыдап, үйгө түнөдү* (Осмоналиев).

НАЗДАН *этиш.* Кылык көрсөтүү, кылыктануу. [*Чоро*] *Шекерге үңүлө тиктеп, анда-санда мурутун чыйратат, анан наздана күңүлдөгөн болот* (Касымбеков).

НАЗДАНУУ наздан этишинин кыймыл атоочу.

НАЗИК *сын.* 1. Сүйкүмдүү, өтө сыпаа, сылык, наздуу көз карашты, мамилени, кылдат чыккан укмуктуу, жагымдуу добушту ж. б. билдирген. *Назик күү үгүлдү* (Жантөшев). *Эшитким келет үнүңдөн, Булбулдай назик тилиңден* (Барпы).

2. Кылдат, үлбүрөк, ичке, сезимге жумшак. *Алиптей кашы чийилген Ак жуумал назик жан экен* (Бөкөнбаев). *Назик бели байдамталдай бураган* (Үмөталиев).

3. *диал.* Таруудай майда, ортосунда тешиги бар, кооз, түстүү мончок. *Бапиктин ар бир жибине түрдүү түстөгү назиктен өткөрүптүр* (Абдукаримов).

НАЗИР *зат. эс.* Кудайы, садага, кайыр. *Манап болсо барктадың, «Назирди берди дөөм»— деп, Ар жерге барып мактадың* (Барпы).

НАЙ *зат.* 1. Түз түтүк формасында жасалган музыкалык инструмент. *Сыбызгы чоор ызылдап, Жез най үнү тызылдап* («Манас»).

2. *диал.* Тамеки тартуучу түтүк. *Бириң— чылым, бириң — най, Бириң — жылдыз, бириң — ай, Экөөңө көөнүм жай* (Барпы).

3. *диал.* Мештин кернейи.

НАЙЗА *зат.* 1. Узундугу 2—3 кулач таяктын башына учтуу темир ашталып, сайышта колдонулуучу баатырлардын, жоокерлердин жоо жарагы, куралы. *Учу болот бөрү тил, Найзанын жайын эми бил* («Эр Табылды»). *Найза саймак— эрдиктен, ат жоорутмак — тердиктен* (макал).

2. Кирпининн, чүткордун денесиндеги ийне сыяктуу учтуу үлүгү. *Кирпинин найзасы.*

3. Карта оюнунда: туздан кийинки, таажы кийген чалдын сүрөтү тартылган карта жана анын аталышы, төрө. *Момундун найзасы.*

НАЙЗАГАЙ *диал.* Чагылган.

НАЙЗАКЕР *зат.* Найза менен курал-данган жана найза сайууга ыктуу жоокер; найза сайууга кыйын, маш киши. *Найзаны ыкты сайышкан, Ат буралып майышкан Найзакер келсин тоюма* («Семетей»). *Экөө тең далай сайышты башынан өткөрүшүп, эч качан аттан түшүшпөгөн адис найзакерлер* (Каимов).

НАЙЗАЛА *этиш.* Найза менен сайоу. *Туш келгенин найзалап, Чалкалмак баатыр кайдалап* («Эр Табылды»).

НАЙЗАЛАШ найзала этишинин кош мамилеси.

НАЙЗАЛОО найзала этишинин кыймыл атоочу.

НАЙЗАЧЫ найзакер менен бирдей.

НАЙЛУУ *сын.* Тамеки тартуучу түтүгү бар, найы бар. *Колундагы чылымы — Алтын найлуу сыр канжа* («Манас»).

НАЙЧА *зат.* Кичине түтүк.

◆**Найча бел** — кыпча бел, ичке бел.

НАЙЫНСАП наынсап менен бирдей.

НАЙЫП *зат. тар.* Уезддик начальниктин жардамчысы. *Ашкере кылып айбыңды, Айдатып барар найыпка* (Тоголок Молдо).

НАК I *зат. диал.* Алмуруттун чоң, ири сорту. *Ак алма менен нак бүткөн, Көгөрүп өсүп бак бүткөн* (Барпы).

НАК II *сын.* Акчалай берүү, кийинкиге калтырбай, ошол замат берүү; накта, акча түрүндө. *Сүйрөп жүрбөй нак берем* («Эр Табылды»).

НАК III *сын.* Таза, эч нерсе кошулбаган, нагыз. *Нак кымыз. Уктап кеттим кызарып эки бетим, Тура албадым, нак кымыз койгон жыгып* (Шүкүрбеков).

НАК IV *такт.* Дал, так [*Андрей*] «*Правда*» *газетасынын даңктуу тезис басылган номерин жүрөгүнүн нак тушуна катып, Сүлүктүгө чейин ала келди* (Сасыкбаев). *Бургунун өзөгүн нак толтосуна чейин катмарга житирди* (Сасыкбаев).

НАКАЗ *зат.* Талап кылуу, каалоо өндүү өтүнүчтөр жазылып, бирөөнүн мойнуна аткарыш үчүн тагылган тапшырма. [*Депутат*] *шайлоочулардын наказдарынын орундалышын камсыз кыла алды* («Советтик Кыргызстан»).

НАКЕР *зат.* Эпостордо: баатырлардын башы учтуу, өйдө кайкалаган ок өтпөс бут кийими, өтүгү. *Ошол кезде кабыланың Аккула минип болкоюп, Накери бутта чойкоюп* («Манас»).

НАКТА I нак IV менен бирдей. *Акчасын накта өткөрүп алды* («Чалкан»).

НАКТА II нак III менен бирдей. *Накта алтымыш ээр акчаны санап берди* (Баялинов).

НАКТАЙ нак III менен бирдей. *Нактай каймак.*

НАКҮСТӨ накүштө менен бирдей.

НАКҮШТӨ *зат.* Сүткор. *Накүштөдөн карыздар болбо* (макал).

НАКЫЛ *сын.* 1. Үгүт-насият, акыл берүүчү. *Накыл сөз. Накыл кеп.*

2. Акылман, акыл-эстүү. *Ар бир сөзү белгилүү, Накыл Током келгенби* (Токтогул).

НАЛОГ *зат.* Элге, ишканаларга, мекемелерге мамлекет тарабынан өлчөмү белгиленип, милдеттүү түрдө төлөнө турган салык.

НАМАЗ *зат. дин.* Ислам дининдеги адамдардын даарат алгандан кийин кыбыланы баштанып, белгилүү кыймыл менен кошо күнүнө беш жолу (багымдат, бешим, дигер, шам, куптан) окуп, кудайга сыйынгандыгын, ишенгендигин билдирген кулдук кылуучулук. *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз, дин кызык* (Токтогул).

НАМАЗКӨЙ *сын.* Намазын жазбаган, намазын дайыма өз убагында окуган.

НАМАРКЕН *зат.* Лакталган, жылтырак булгаары. *Намаркен өтүк. Намаркен маасы.*

НАМЕРКЕН намаркен менен бирдей.

НАМЫРКЕН намаркен менен бирдей.

НАМЫС *зат.* Адамдын коомдо өзүнөзү туура, адамгерчиликтүү алып жүрүү

сезими, өзүнүн абийирин, арын, милдетин сезүү сапаты. *Акыл, эс, уят, ар, намыс, Чоң касиет адамга* (Шүкүрбеков). *Кыргын салып намыс алган душмандан, Кыз Сайкалдай эрлер чыкты аялдан* (Осмонкул). *Эне төрөйт баланы, Жарайт деп түрдүү намыска* («Мендирман»).

◆**Намысын колго алган** — өз абийирин, беделин, авторитетин сактаган. **Намысты колдон тайдыруу** *же* **кетирүү** — уят болуу, уятка калуу, шылдың болуу, маскара болуп калуу.

НАМЫСКӨЙ *сын.* Намысчыл, өзүнүн. намысы үчүн тырышкан, намыстангыч. *Алгачкы күнкү ишиндеги олдоксондук намыскөй баланы бир четинен ызаланттты, ардантты* (Бейшеналиев).

НАМЫСКӨЙЛҮК *зат.* Намыстангандык, намыстануучулук, өз намысын сактагандык.

НАМЫССЫЗ *сын.* Намысы жок, намысты ойлобогон, намысын сезбеген, уятсыз, арсыз. *Арсыз, намыссыз, кыянат өлбөсөк кезигишербиз* («Совет адабияты»).

НАМЫССЫЗДЫК *зат.* Намысын сезбегендик, намысын ойлобогондук, уятсыздык. *Уурулук эң төмөнкү намыссыздык болуп калды* (Аалы).

НАМЫСТАН *этиш.* Арын, уятын сезүү, намыс кылуу, намысын сезип кайраттануу, арданууу; атаандашуу. *Кандын башын аттайт деп, Намыстанып калганда* («Манас»).

НАМЫСТАНТ намыстан этишинин аркылуу мамилеси.

НАМЫСТАНУУ намыстан этишинин кыймыл атоочу.

НАМЫСТУУ *сын.* Намысы бар, уяттуу, абийирдүү. *Намыстуу жигит боло көр, Наалатын албай элиңдин!* (Бөкөнбаев).

НАМЫСЧЫЛ намыскөй менен бирдей.

НАМЫЯН *зат.* Ичине акча салып алып жүрүүчү кичинекей баштыкча, капчык. *Кошой намыянынан жыйырма тыйын алып Токтогулга берди* (Аалы).

НАН I *зат.* Жуурулган камырдан бышырылган тамак, токоч. *Аштык алып нан кылам, Жибек алып тон кылам* (Тоголок Молдо). *Алым нандан тиштеп, Чайдан уурттады* (Жантөшев).

◆**Нан болуу** — жалпаюу, былчыюу, былчыйып же жалпайып калуу; талкалануу; өлүү. *Муну менен тартышкан бенде нан болгон* («Манас»). **Майга бышкан нандай** — абдан ылайык келүү, абдан дурус, сонун.

НАН II *туурасы:* **ынан**.

НАНДЫР *туурасы:* **тандыр 1**.

НАПСИ *зат.* Тамак жеш үчүн, бир нерсени өндүрүп алуу үчүн болгон умут, ниет, сугун агытуучулук. *Напси жаман кишини Ой ойлонтсоң пара алат* (Осмонкул). *Шум напсиңди тыйбадың, Түшкөн жерде, эшеним, Кой сойбосо кыйнадың* (Барпы).

НАР I *зат.* Жалгыз өркөчтүү төө. *Жүктүн оорун нар көтөрөт* (макал).

◆**Нар кескен — абдан курч болот кылыч.** *Уста менен дос болсоң, нар кескенин аларсың* (макал).

НАР II *зат.* Полдон бир аз бийик кылып, тактайдан төшөп, жатуу үчүн ылайыкталган секиче. *Бойро төшөлгөн нардын үстүндө уйку анчалык таттуу болчу эмес* (Сасыкбаев).

НАРЗАН *зат.* Көмүр кычкылдуу дарылык касиети бар минералдык суу. *Көргөн жан айран калгандай Түгөнгүс нарзан кенин көр* (Аалы).

НАРИСТЕ *зат.* 1. Жаш бала, балагатка жете элек бала. *Бешигинде эркек, куунак, нариста* (Аалы). *Байкушум эң кандай арамзасы жок, жаткан бир ширенчек, дагы эле нариста бойдон* (Айтматов).

2. *өт.* Кагылбаган, жаш, тажрыйбасыз.

НАРК I *зат.* 1. Акча бирдигинин өлчөмү менен туюнтулган бир нерсенин баасы. *Базардагы сооданын Наркын билбейт балалык* (Токтогул).

2. Бир нерсени өндүрүү үчүн жумшалган каражат жана ал нерсенин жумшалган каражатка жараша акча бирдиги менен өлчөнгөн баалуулугу. *Кошумча нарк. Өзүнө турган нарк. Товардын наркы.*

НАРК II *зат.* Салт, жорук-жосун, адат, жол-жобо. *Бир Акман эмес, ушул үйдө отургандардын көбү нарк сактаган кишилер* (Сыдыкбеков). *Конок келсе сыйлаган, Наркы сонун кыргыздын* (Барпы).

НАРКОМ *зат. тар.* Эл комиссары.

НАРКОМАТ *зат. тар.* Эл комиссариаты.

НАРКТУУ *сын.* Баалуу, нускалуу. *Демченко бир катар нарктуу сөздөрдү сүйлөдү* (Убукеев).

НАРКЫ аркы менен бирдей.

НАРПОС *зат.* Сары түстөгү боёкту даярдоо үчүн колдонулуучу анардын кабыгы.

НАРЫ ары менен бирдей.

НАРЫН *зат.* 1. Этти майда туурап үстүнө чык куюлган тамак. *Ак боз бээни сойдуруп, Тамак ичин кетсин деп, Нарын тартып койдурып* («Манас»).

2. Беш бармак.

НАРЯД *зат.* 1. Кандайдыр бир жумушту иштөө тууралуу оозеки же жазуу жүзүндө берилген буйрук. *Эртең иштеле турган иштердин нарядын берди* (Убукеев).

2. Бир материалды берүү тууралуу жазып берилген документ; ордер. *Отун алууга наряд.*

3. *сог.* Аскер кызматчысы тарабынан аткарылууга тийиш болгон кандайдыр бир тапшырма, жумуш.

4. *сог.* Ушундай тапшырманы, жумушту аткаруучу аскерлердин тобу, подразделение. *Милициянын наряды.*

НАСААТ насыят менен бирдей.

НАСБАЙ *туурасы:* **насыбай**.

НАСИЛ *зат.* Түпкү теги, тукуму. *Теги насилиң артык жаралган, Чаке..* (Сыдыкбеков).

НАСИП *зат.* 1. Тагдыр, жазмыш тарабынан белгиленген ырыскы. *Калкымдан насип жок болсо, Кайрылып элди табамбы* (Токтогул). *Өзүнүн кылган кесиби, Мергенчилик насиби* (Калык).

2. *өт.* Тамак, тамак-аш, оокат. — *Келиңиздер, биздин үйдөн насип ооз тийиңиздер!* (Сыдыкбеков). *Биздин эл толу*

аяктан насип көтөрүп көнгөн (Сыдыкбеков).

НАСИЯ *туурасы:* **насыя.**

НАСИЯТ *туурасы:* **насыят.**

НАСМАЙ *туурасы:* **насыбай.**

НАСОС *зат. тех.* Суюктукту же газды сордуруп алуу же сордуруп чыгаруу үчүн колдонулуучу машина, курал. *Кош фильтрден дайым өткөн бензини, Насосту да керек кылбайт дембе-дем* (Аалы). *Нефть өнөр жайларында штангасыз электр насосторун колдонуу белгиленген* («Коммунист»).

НАСПАЙ *туурасы:* **насыбай.**

НАСЫБАЙ *зат.* Чекендинин, арчанын ж. б. күлү, акиташ кошулуп ийленип, эринге салып атуучу тамекинин кошулмасы. *Дыйкан мүйүз чакчасынын чагарагын шылдырт-шылдырт эттирип, алаканына насыбай экчеп алды да, эрдине салды* («Советтик Кыргызстан»). *Каныбек, жүгүрүп барып насыбай алып кел* (Жантөшев).

НАСЫБАЙЧЫ *зат.* Насыбай атуучу, насыбай чегүүчү киши. *Насыбайчынын үйү — какырык менен түкүрүк* (макал).

НАСЫП насип менен бирдей.

НАСЫЯ *зат.* 1. Кийин кайра кайрып бере турган же баасын бере турган шарт менен алынган карыз. *Насыяга бер. Эмне үчүн атамы Атабек ушунчалык насыя кылат?* (Жантөшев). *Эгин-тегинге, чөпчаргa, отун-сууга каралашып берип, насыяларды үзөрсүңөр* (Жантөшев).

2. *өт.* Бөөдө, курулай, эч негизи жок. *Насыя таяк жеди. Насыя жалаага калды.*

НАСЫЯЛУУ *сын.* Карыздар, насыясы, карызы көп. *Колдогу бар малдан ажырап, анын үстүнө элге. насыялуу болуп, ..кайта оор турмушка учурадык* (Баялинов).

НАСЫЯТ *зат.* Акыл-кеңеш, акыл-кеңеш берип, үлгүлүү, жакшы жүрүүгө үндөй айтылган сөз.

НАТИЙЖА *туурасы:* **натыйжа.**

НАТРИЙ *зат. хим.* Химиялык элемент, жумшак, ак түстөгү жеңил металл.

НАТУРА *зат.* 1. Адамдын кебете-кешпири, турган турушу, мүнөзү.

2. Реалдуу бар нерсе; чындык.

3. *иск.* Сүрөтү тартылып, сүрөткө түшүрүлүп алына турган табигый жана жандуу үлгү, көрүнүш.

4. Акча ордуна төлөнүүчү, айырбаш кылынуучу товар, азык-түлүк ж. б.

НАТУРАЛИЗМ *зат.* 1. Коомдун закондору менен жаратылыштын закондорун бир катарга коюп салыштырып, коомдун өсүп-өнүгүш закондорун элес кылбай, турмушту, чындыкты сыртынан так өзүндөй, механикалык түрдө гана көчүрүп берүүгө умтулган адабиятта жана искусстводо пайда болгон XIX кылымдын 60 жылдарындагы буржуазиялык багыт.

2. Реалисттик багыттын орус адабиятындагы алгачкы аталышы.

НАТУРАЛИСТ *зат.* 1. Табиятты үйрөнүүчү адам.

2. Натурализмди жактоочу.

НАТУРЩИК *зат.* Сүрөтүн же кебетесин тартып алуу же скульптура жасоого келтирүү үчүн ар кандай абалда художниктин, скульптордун көз алдында болуучу киши.

НАТУУРА *сын.* Терс, жаман, дурус эмес, туура эмес. *Токтор балдардын жүрүш-турушундагы ар бир натуура көрүнүштөрдү өтө кылдаттык менен түшүндүрөт* (Абдукаримов).

НАТЫЙЖА *зат.* Жыйынтык, корутунду. *Үчөөнүн аз күндүк аракеттеринин натыйжасы көрүнө баштады* (Убукеев). *Мына күрөштүн, эмгектин натыйжасы* (Бөкөнбаев). *Тажрыйба жакшы натыйжа берди.*

НАТЫЙЖАЛУУ *сын.* Натыйжасы жакшы, жемиштүү, ийгиликтүү. *Көрдүңбү, биздин көтөргөн демилге натыйжалуу болгону турат* (Таштемиров).

НАТЫЙЖАСЫЗ *сын.* Натыйжасы начар, ийгиликтүү эмес; жыйынтыксыз.

НАТЮРМОРТ *зат.* Кандайдыр бир топтошкон жансыз нерселерден тартылган сүрөт же чийме жана сүрөтү тартылуучу ошол жансыз нерселер.

НАФТАЛИН *зат.* Ак түстөгү, дүүлүктүрмө жыттуу кристалл зат (көбүнчө техникада, ошондой эле жүндү, жүндөн жасалган буюмдарды, терини ж. б. күбөдөн сактоо үчүн колдонулат).

НАФТОЛ *зат.* Боёк өндүрүшүндө колдонулуучу нафталинден алынган химиялык кошулма.

НАЦИЗМ *зат.* Германдык фашизм.

НАЦИСТ *зат.* Германиялык фашист.

НАЧАЛЬНИК *зат.* Кандайдыр бир иш башындагы башкаруучу, жетекчи. *Станция начальнигн. Курулуш начальнигн. Штабдын начальнигн.*

НАЧАР *сын.* 1. Алсыз, күчү жок. *«Начар экен бат оңолсун бала» — деп, Шашып турдуң чала уйкулуу ордуңдан* (Осмонов).

2. Жаман, дурус эмес, алымсындырарлык эмес. *Сабыр, сабакты начар өздөштүрөн балдардын үйлөрүнө кирип жүрдү* (Сыдыкбеков). *Ушул колхоз начар болуп оңолбой койгондо, мен оңдоймун деп өзү келген дейт* (Сыдыкбеков).

НАЧАРЛА *этиш.* Абалы, күч-кубаты төмөндөө, начар боло баштоо. *Ажардын абалы күндөн күнгө начарлады* (Жантөшев).

НАЧАРЛАТ начарла этишинин аркылуу мамилеси.

НАЧАРЛОО начарла этишинин кыймыл атоочу.

НАША нашаа менен бирдей.

НАШАА *зат.* Кара куурайдын данынан жасалып, тартканда баш айландыруучу, сезимди начарлата турган уулуу зат. *Жусупахун күн сайын мас болуп, нашаа чеге баштады* (Жантөшев).

НАШААЧЫ *зат.* Нашаа тарткан киши.

НАШАТЫР *зат.* Техникада жана медицинада колдонулуучу ак кристаллдуу зат, хлордуу аммоний.

НАШТАР *зат.* Кан алууда, жараны чегүүдө ж. б. колдонулуучу анча жазы эмес ичке, учтуу бычак. *Наштар менен жарганын* («Мендирман»).

НАЫНСАП *зат.* Ынсапсыз, бузуку.

НАЭСЕП наынсап менен бирдей.

НЕ I эмне менен бирдей. *Бу не деген ыза, не деген кордук* («Ала-Тоо»).

НЕ II же менен бирдей. *Не изи, не тарпы жок* («Ала-Тоо»).

НЕБАК *такт.* Алда качан, мындан көп убакыт мурда. *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жабырап чыга баштады* (Сыдыкбеков). *Элдин бардыгы небак жатса дагы, Ажардын колу бошободу* (Жантөшев).

НЕБЕРЕ *зат.* Уулунун же кызынын баласы, баласынын баласы. *Эшиктен жаңы кирген чоң энеси китеп окуп отурган небересине ичи жылып, аны эркелетти* (Сыдыкбеков). *Баласы жоктун, небереси жок* (макал).

НЕБИРЕ небере менен бирдей.

НЕВРОПАТОЛОГ *зат.* Невропатология жагынан специалист, врач.

НЕВРОПАТОЛОГИЯ *зат. мед.* Нерв системасынын оорулары жөнүндөгү окуу.

НЕГАТИВ *зат. фото.* Жарык сезгич пластинкага түшкөн кара жери ак, ак жери кара болуп көрүнүүчү сүрөт, сөлөкөт.

НЕГИЗ *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсенин, курулуштун ж. б. таяныч болгон бөлүгү.

2. Бир нерсенин негизги мааниси, башкы жоболору, уюткусу. *Өндүрүш каражаттарына болгон социалисттик менчик — Советтик түзүлүштүн негизи. Марксизм-ленинизм негиздери. Саясий экономиканын негиздери.*

3. *грам.* Сөздүн уңгудан же уңгу менен сөз жасоочу аффикстен турган бөлүгү.

НЕГИЗГИ *сын.* Башкы, орчундуу, түпкү. *Рыскулбектин негизги тилеги көңүлдөгүдөй болуп чыкты* (Аалы).

НЕГИЗДЕ *этиш.* 1. Баштоо, башталыш негизин салуу. *Негиздеп поэзияда көркөм форма, Жапжаңы идеялуу мазмун таптың* (Аалы).

2. Орчундуу, олуттуу далилдерге таянуу. *Врачтар канча өстү экен, Айтып көрчү негиздеп, Укканда кумар тарасын* (Осмонкул).

НЕГИЗДЕЛ негизде этишинин туюк мамилеси.

НЕГИЗДЕТ негизде этишинин аркылуу мамилеси.

НЕГИЗДӨӨ негизде этишинин кыймыл атоочу.

НЕГИЗДӨӨЧҮ *зат.* Негиз салуучу. *Грибоедов менен Фонвизин орус драматургиясынын туңгуч негиздөөчүлөрүнөн* («Советтик Кыргызстан»).

НЕГИЗДҮҮ *сын.* Башкы, орчундуу, олуттуу. *Бүгүнкү саякатта ошол белгиленген милдеттердин негиздүүлөрү аткарылмак* (Сыдыкбеков).

НЕГИЗСИЗ *сын.* Жөнү жок, олуттуу себеби жок, далилсиз.

НЕЗ *сын.* Дүлөй, керең, макоо.

◆ **Нез болуу** — дал болуу, жалдырап эстен тантып эмне кыларын билбей калуу. *Көп ойлонуп нез болду* («Манас»). *Алтыбайдын акылы кетип нез болуп* («Эр Табылды»).

НЕЙТРАЛДУУ *сын.* Нейтралдуулук мамиледе болгон калыс, бейтарап.

НЕЙТРАЛДУУЛУК *зат.* Эч кимисине кошулбай калыс туруучулук, бейтараптык; бирөөлөрдүн чыр-чатагына, ич ара кыжыкужусуна катышпоочулук.

НЕЙТРАЛИТЕТ *зат. саяс.* Мамлекеттер арасында болуп жаткан согушка катышпоочулук, согушуп жаткан мамлекеттерге карата бирдей позицияда болуу абалы.

НЕЙТРОН *зат. физ.* Атом ядросунун ичиндеги электр заряды жок бөлүгү.

НЕКРОЛОГ *зат.* Каза болгондугуна байланыштуу анын өмүр баяны, иши жөнүндө жазылган макала.

НЕПАДА *такт.* Кокус, кокустан.

НЕРВ *зат. анат.* Мээ менен жүлүндөн тарам-тарам болуп денеге таралган организмдин ар түрдүү аракеттерин башкарган тамырлар. *Көрүү нерви. Угуу нерви.*

НЕРСЕ *зат.* Аты аталып көрсөтүлбөгөн кандайдыр бир буюм, зат. *Токтогул жаның сыйпалап эч нерсе таба албайт* (Бөкөнбаев).

НЕС нез менен бирдей.

НЕФТЬ *зат.* Отун катарында колдонулуучу жана ошондой эле керосин, бензин, вазелин ж. б. сыяктуу продуктыларды өндүрүп алуу үчүн сырьё катарында колдонула турган кара же кара кочкул түстөгү май сыяктуу суюк, минералдык зат, жер май. *Нефть таптык кылым бою уктаган* (Аалы).

НЕЧЕ *ат.* Кандайдыр бир санды сурап белгилөө үчүн колдонулат. *Нече жашта? Нече күндө?*

◆ **Алда нече** *к.* **алда II. Бир нече** — бир топ, бир канча. *Ашым.. бир нече ак беттерди өткөрүп, дептерди кайра барактады* (Сыдыкбеков).

НЕЧЕН *такт.* Бир нече, бир топ, алда канча.

◆ **Алда нечен** — көп, бир канча.

НЕЧӨӨ *ат.* Канча экендигин жалпылай айтуу үчүн колдонулат. *Нечөө экен билүүгө Эриксизден санатат* (Үмөталиев).

НИЕТ *зат.* Каалаган, үмүт кылган ой, тилек, ой-саная. *Арабанын үстүнөн колтуктап түшүрүүгө ниетин билдиргендей, Алыстын оң колтугунан кармай алды* (Жантөшев). — *Адамдын ниети дурус болсо болгону, апа* (Сыдыкбеков). [*Акман*] *өз ниетинде карылыкка ашыккан киши эмес* (Сыдыкбеков).

НИЕТТЕН *этиш.* Ниет кылуу, ой кылуу, ойлоо, ойлонуу. *Балдар карыянын кызыктуу уламадан айтып берүүгө ниеттенгенин сезишип, тегеректешти* (Бейшеналиев).

НИЕТТЕНҮҮ ниеттен этишинин кыймыл атоочу.

НИЕТТЕШ *сын.* Ниети, ою бирдей, тилектеш. *Ушундай сөздөрдү укканда Салык менен Мамбеткул түгүл аларга ниеттеш кишилердин кабыргасы кайыша турган* (Каимов).

НИКЕ *зат.* Үйлөнүү актысы; үйлөнүү ырым-жырымы. [*Айна*] *закондуу никеңер кут болсун* (Байтемиров).

◆ **Нике кыюу** — үйлөнүшкөндүгүн, баш кошкондугун үрп-адатка ылайык ырастоо.

НИКЕЛЕ *этиш.* Ните кыюу. *Ак никелеп өзүмө Катын алып бердиң* («Манас»).

НИКЕЛЕН никеле этишинин туюк мамилеси.

НИКЕЛЕШ никеле этишинин кош мамилеси.

НИКЕЛҮҮ *сын.* Никеси бар, никелешкен, үйлөнгөн, баш кошкон. *Никелүү келин.*

НИКЕЛЬ *зат.* Идиш, ар кандай аспап жасалуучу күмүш түстүү жаркырак металл.

НИТРАТ *зат.* Азот кислотасынын тузу.

НИТРОГЛИЦЕРИН *зат. мед. хим.* Азот жана күкүрт кислоталарынын глицерин менен кошулуусунан пайда болгон май сымал суюктук.

НИЧКЕ *туурасы:* **ичке**.

НОВАТОР *зат.* Кандайдыр бир иште жаңы идеяларды, принциптерди, ыктарды киргизип, аны жүзөгө ашыруучу. *Өндүрүштүн новаторлору,*

НОВЕЛЛА *зат.* Кичирээк, кыска аңгеме. [*Жумагүл*] *Стендалдын новеллаларын окуй баштады* (Шимеев).

НОЁН оён менен бирдей.

НОКАУТ *зат. спорт.* Катуу уруудан, жыгылгандан кийин 10 секунд тура албай калса, женилди деп эсептелген бокстагы абал.

НОКО *зат.* Бир нерсенин четин кооздоо үчүн колдонулуучу алтындын же күмүштүн буусуна кармалган жип коюлуп согулган тасма, сызма, око.

НОКОЛО *этиш.* Ноко менен кооздоо, ноко карматуу. *Кыргагына калпактын, Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»).

НОКОЛОО ноколо этишинин кыймыл атоочу.

НОКОЛОТ ноколо этишинин аркылуу мамилеси.

НОКОЛУУ *сын.* Ноко менен кооздолгон, ноко бастырылган. *Башында жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

НОКОТ *зат. эс.* Чекит, точка. [*Зарылдын*] *капкара көздөрү терең төнүп, бир нокотко кадалат* (Сыдыкбеков).

НОКТО *зат.* Ооздуксуз, тизгинсиз, чылбыр тагылган жүгөнгө окшогон малдын башына катылуучу шайман. *Арчатору буудандын башына нокто салды эми* («Эр Табылды»). *Ар бир атка нокто катылган* (Убукеев).

НОКТОЛО *этиш.* Нокто катуу. *Сызма менен ноктолоп алган күрөң музоосунун мойнуна асыла сүйөнгөн* (Сыдыкбеков).

НОКТОЛОО ноктоло этишинин кыймыл атоочу.

НОКТОЛОТ ноктоло этишинин аркылуу мамилеси.

НОЛЬ *зат.* Көлөмдүн, чоңдуктун жоктугун билдирүүчү (ал эми кандай гана сандын болбосун оң жагына кошулуп жазылганда ал сандын он эсе көбөйгөндүгүн билдирүүчү) *О* деген сандык белги.

НОМЕНКЛАТУРА *зат.* Илимдин, өндүрүштүн ж. б. кандайдыр бир тармагында колдонулуучу аталыштардын, терминдердин ж. б. жыйындысы, тизмеси. *Географиялык номенклатура. Медициналык номенклатура.*

НОМЕР *зат.* 1. Бир нерсенин, предметтин иреттик саны. *Облигациянын номери. Билеттин номери. Машинанын номери.*

2. Белгилүү бир иреттик сан менен белгиленген нерсе, предмет. *Журналдын акыркы номери. Газетанын бүгүнкү номери.*

3. Мейманканадагы, мончодогу ж. б. айрым бөлмө.

4. Ар кандай кийимдердин ж. б. өлчөмү, чени. *Отуз сегизинчи номер ботинка. Кырк сегизинчи номер костюм.*

5. Концертте, циркте айрым аткарылуучу бөлүм.

6. *сүйл.* Кандайдыр бир күтүлбөгөн кылык, жорук.

НОМУР *туурасы:* **номер**.

НОО *зат.* Карагайды оюп же тактайдан жасалган, көбүнчө суу агызуу үчүн колдонулуучу нерсе, аштоо. *Имерилиштин төмөн жагына суу өтүүчү ноо курдук* (Сыдыкбеков). *Ноого муз катып.. тегирмен чуркабай калган* (Сыдыкбеков).

НООВАТ *зат. диал.* Кезек, нөөмөт. *Нооватка турат.*

НООКАС *сын.* Ооруу, оорулуу. *Парманбек ноокас деп укканбыктан, мында келдим* (Жантөшев).

НООКАСТА *этиш.* Ооруп калуу. *Анчамынча ноокастап жүрөм* (Абдукаримов).

НООКАСТОО ноокаста этишинин кыймыл атоочу.

НООЛУ *зат.* Топурактан согулган жа пыз коргон, тосмо дубал.

НООПАЗ оопаз менен бирдей.

НООРУЗ *зат. эс.* Март айында болуучу жаңы жыл күнү.

НООТУ *зат.* Сукно. *Кулпунган жаңы көк нооту Үстүндөгү кийгени* (Нуркамал).

НООЧА *сын.* Узунунан келген шыңга (бойго карата). *Нооча бойлуу, москоол денелүү кара киши партия ячейкасынын катчысы — Эргеш* (Жантөшев).

НОРМА *зат.* 1. Коом тиричилигиндеги каада болуп белгиленген тартип, кадимки адаттагыдай болуп кеткен тартип, үлгү.

2. Кандайдыр бир нерсенин ченемдүү өлчөмү, белгиленген чен. *Иштөө кормасы. Нормасын ашык орундатуу.*

НОРМАЛА *этиш.* Норма коюу, норма боюнча бөлүү, ченөө, берүү ж. б.

НОРМАЛДУУ *сын.* Кадимкидей. *Нормалдуу температура.*

НОРМАЛОО нормала этишинин кыймыл атоочу.

НОРМАТИВ *зат.* Нормалардын көрсөткүчү, кандайдыр бир иштерди аткаруу үчүн белгиленген норма, көрсөткүч.

НОРМО *туурасы:* **норма**.

НОСОРОГ *зат.* Түштүк-чыгыш Азияда жана Африкада жашоочу, чөп менен тамактануучу, башында бир же эки мүйүзү бар ири жаныбар.

НОТА I *зат.* 1. Кандайдыр бир музыкалык тыбыштын шарттуу графикалык белгиси.

2. Музыкадагы же ырдагы үн.

3. Шарттуу графикалык белгилер менен жазылган музыкалык чыгарманын тексти.

НОТА II *зат.* Бир өкмөттүн башка бир өкмөткө дипломаттык түрдө кат жүзүндө кайрылуусу.

НОТАРИУС *зат.* Юридикалык актылардын, соода-сатык жана башка документтердин, алардын көчүрмөсүнүн тууралыгын күбөлөндүрүп туруучу кызматчы.

НОЮ *этиш.* Чарчоо, чаалыгуу, күчү кетүү, чыдамдуулугун жоготуу.

НОЮУ ною этишинин кыймыл атоочу.

НОЯБРЬ *зат.* Календарлык жыл эсебинин он биринчи айы.

НӨКӨР *зат.* 1. Баатырлардын, хандардын жанында кызмат кылып кошо жүргөн жигити, кызматчысы. *Кызмат кылып туруучу Нөкөр кылып алайын* (Токтогул).

2. Жөкөр, жан жөкөр. *Сексен нөкөр сулуу кыз Такыр кетип болуптур* («Эр Табылды»).

НӨЛ ноль менен бирдей.

НӨӨМӨТ *зат.* Кезек. *Нөөмөт боюнча бүгүн мен чай койгон элем* (Касымбеков).

НӨШӨР *зат.* Катуу жааган жамгыр. *Нөшөрдө да, бороондо да Малын багат дем менен* (Аалы).

НӨШӨРЛӨ *этиш.* Жамгыр катуу жаап кирүү. *Нөшөрлөгөн жамгыр.*

НӨШӨРДӨӨ нөшөрлө этишинин кыймыл атоочу.

НРАВА *зат.* 1. Адамдын кулк-мүнөзү, духтук-психикалык касиеттердин жыйындысы.

2. Үрп-адат, турмуш салты, жоруксосун.

НРАВАЛЫК *сын.* 1. Коомдо адам өзүнөзү алып жүрүү эрежесине туура келген, ага жооп берген адептүүлүккө, жоруксосундуулукка ылайык келген; нравалуу.

2. Адамдын ички дүйнөсүнө, кулкмүнөзүнө таандык. *Нравалык тарбия.*

НРАВАЛУУ нравалык менен бирдей (1-маанисинде).

НРАВАЛУУЛУК *зат.* 1. Кандайдыр бир коомдогу адамдардын жүрүш-туруш нормаларынын жыйындысы.

2. Адамдын моралдык сапаттары.

НУК *ат.* 1. Суу жүргөн оюк, из. *Канал казып, нук чагып, Кумсарып жаткан талаалар, Күлпунуп жашыл гүл ачып* (Акиев). *Нарын суусу кылымдар бою өзүнүн таштуу нугун бузуп, адамга эч кандай пайда келтирбей агып жаткан* («Коммунист»).

2. Бир нерсенин из түшкөн оюгу, билинип турган изи. *Жолдун нугу. Кемегенин нугу.*

3. *өт.* Багыт. *Сөзүнүн нугун башкага бурду.*

НУКУ уку менен бирдей.

НУКУМ укум II менен бирдей.

НУКУРА *сын.* Кошундусу жок, таза; башка нерсе кошулбаган, анык, нагыз. *Албетте, бул чындык, нукура чындык* (Жантөшев). *Нукура таланты бар адам кулагын түрүп тыңшайт* («Ала-Тоо»).

НУЛЬ ноль менен бирдей.

НУР I *зат.* 1. Жарык, шоола. *Күндүн нуру. Айдын нуру. Электр нуру.*

2. Ачык, жарык өң. *Кызыл беттин кызылы, Кычандын жүзүнө кызыл нур жабылды* (Бейшеналиев). [*Акмандын*] *чокчо көк ала сакалы эзгине жарашкан нур жүздүү киши* (Сыдыкбеков).

НУР II ур II менен бирдей.

НУРДАН *этиш.* 1. Жүзү, өңү албырып жарык, сүйкүмдүү көрүнүү. *Айдайдын акчыл кызыл жүзү ого бетер нурданды* (Каимов).

2. *өт.* Күлпунуп, көрктүү, кооз көрүнүү, көрккө бөлөнүү. *Байчечекей, кызгалдак, Кызыл-тазыл ар кандай Жердин бети нурданат* (Тоголок Молдо).

НУРДАНТ нурдан этишинин аркылуу мамилеси.

НУРДАНУУ нурдан этишинин кыймыл атоочу.

НУРДУУ *сын.* 1. Нур чачкан, нурданган. *Жаркырап нурдуу таң атты* (Осмонкул).

2. Өңдүү, нурданган өңдүү, тамылжыган. *Нурдуу бетинин оту өчөйүн деп калган* (Жантөшев). *Жал-жал көздүн сулуусу, Жан бүткөндүн нурдуусу* («Эр Төштүк»).

НУРҚ *зат. эс.* Негиз, тек, жай. *Учураштык бул жерде, Нуркуңуз болгон кай жерде?* («Манас»).

НУРЛАН нурдан менен бирдей.

НУРЛУУ нурдуу менен бирдей.

НУСКА I *зат.* 1. Үлгү, таалим, өрнөк. *Акылдуунун сөзү кыска, айта салса — нуска* (макал).

2. Акыл-насият. *Карымын деп турбастан Калкыма нуска чачамын* (Тоголок Молдо). *Нуска сөз узун баштады* («Манас»).

3. Даана, экземпляр. *Көп нускада чыккан газета.*

НУСКА II *этиш.* Жаңсоо, жаңсап шилтөө. — *Эң жакшы болду — деп, күлүңдөп Кереч колун нускады* (Жантөшев).

НУСКАЛУУ *сын.* 1. Үлгүлүү, өрнөктүү. [*Апам*] *айылдагы нускалуу, кадырман байбичелердин бири* (Айтматов).

2. Акыл-насыяттуу, үлгү алардык. *Нускалуу сөз.*

НУСКОО I нуска менен (1, 2-маанисинде) бирдей.

НУСКОО II нуска этишинин кыймыл атоочу.

НЫГАЙ *этиш.* Нык болуу, бекемделүү, чындалуу, күчөө. *Кызылдар жөнүндөгү чындык күндөн күнгө эл арасына ныгайып тараллууда* (Жантөшев). *Мекендештердин мамилеси күндөн күнгө ныгайды* (Жантөшев).

НЫГАЙТ ныгай этишинин аркылуу мамилеси.

НЫГАЮУ ныгай этишини кыймыл атоочу.

НЫГЫР *этиш.* 1. Катуу басуу, күч менен кысуу. *Боюн түзөп, өтүгүн ого бетер ныгыра басты* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Опузалоо, коркутуу, кысып коюу. *Андан көрө Майлыштын өзүн чакырып алып, аябай ныгырып кой* (Абдумомунов).

НЫГЫРУУ ныгыр этишинин кыймыл атоочу.

НЫГЫРЫЛ ныгыр этишинин туюк мамилеси.

НЫК *сын.* 1. Чымыр. *Анын тууралжын бою, жалаң тарамыштан жаралгандай нык болучу* («Советтик адабият»). *Төштүк атка конгону, Нык чоңоюп зор өскөн* («Эр Төштүк»).

2. Бек. *Кычан ээрге кадагандай түз, нык отурду* (Бейшеналиев).

3. Катуу басылган, тапталып калган. *Жылга-жыбыттагы нык кар киргилденип, уюп жатат* (Сасыкбаев).

НЫКСЫРА ыксыра менен бирдей.

НЫКТА *этиш.* Катуу-катуу басуу, ныгыруу. *Узакбек да күрөгүн ныктап-ныктап сайды* («САЖИ»).

НЫКТАЛ ныкта этишинин туюк мамилеси.

НЫКТОО ныкта этишинин кыймыл атоочу.

НЫКЫ *этиш.* Күч менен түртө саюу. [*Омор*] *таягын жерге ныкып таяныл, кейип басты.* (Сыдыкбеков).

НЫКУУ ныкы этишинин кыймыл атоочу.

НЫКЫС: ныкыс берүү — демитүү, тап берүү. *Даярдашып колдорун, ныкыс берип беттешип, Күүлөп турат балалык* (Токтогул).

НЫМ I *зат.* 1. Суулуу, кургак эмес абал, сыз. *Малдын чыласынан чыккан нымды, кургак чөптөн буруксуган таза жыт басып, сарай ичи көңүлдүү боло түштү* (Сыдыкбеков).

2. Нымдуу. *Ным отун. Күзгү жайытка ным түшмөйүнчө быйыл мал жибербейбиз* (Убукеев).

НЫМ II *такт.* Такыр, бүт. *Ал аңгыча күн батты, Элдин алды ным жатты* (Тоголок Молдо).

НЫМДА *этит.* Анча-мынча суу кошуу, нымдуу абалга келтирүү.

НЫМДАЛ нымда этишинин туюк мамилеси.

НЫМДАН нымда этишинин өздүк мамилеси.

НЫМДОО нымда этишинин кыймыл атоочу.

НЫМДУУ *сын.* Нымы бар, кургак эмес. *Түндөгү жаандан кийин али тоборсуй элек жол бети кадимкидей нымдуу* (Сыдыкбеков).

НЫМСАК *сын.* Бир аз нымдуу, нымдалышкан, анчалык тоборсуй элек.

НЫМСАКЧЫ *зат.* Нымдуу жерлерде болуучу жалпагыраак денелүү курт.

НЫМШУУ нымшы этишинин кыймыл атоочу.

НЫМШЫ *этиш.* 1. Кичине тердей баштоо. *Чекесси нымшыды.*

2. *өт.* Кар эрий баштоо. *Жакында оор түшкөн кар бүгүн нымшыгандай болуп, четинен эрий баштаптыр* (Таштемиров).

НЫМШЫТ нымшы этишинин аркылуу мамилеси.

НЫСАП ынсап менен бирдей.

НЭЭТ ниет менен бирдей.

О

О I ал III менен бирдей. *Бирок да бактың туюк бейм, жигит, Не десең о да буйрук бейм, жигит* (Осмонов). *Хан Көкөтай абаңыз О дүйнө жүзүн көрөбү?* («Эр Төштүк»).

О II *сырд.* 1. Таңдануу, кубануу, кубаттоо, жактырбоо, өкүнүү сыяктуу ички сезимди билдирүү үчүн колдонулат. — *О, жарыктык! — деди кемпирди колунан сүйөгөн Шамбет тамашалап* (Сыдыкбеков). *О, мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң.. кайраттуу болуп жүрсөң* (Байтемиров).

2. Бирөөгө кайрылар алдында же кайрылып сүйлөөдө колдонулат. —*О, карыя, канча жашка келдиңиз?* (Аалы). —*О, кароолдо ким бар?* (Жантөшев). —*О, Нурмат, атаңа караганда сен акыл-эстүү жигитсиң го* (Абдукаримов).

ОАЗИС *зат.* Эрме чөлдөгү суулуу жана өсүмдүктүү жер.

ОБДУЛ *этиш.* Кичине көтөрүлө түшүп, илгери карай жүткүнүү, умтулуу. *Араң турган Кычан обдулуп беркилерге жакындады* (Бейшеналиев).

ОБДУЛТ обдул этишинин аркылуу мамилеси.

ОБДУЛУУ обдул этишинин кыймыл атоочу.

ОБЗОР *зат.* Кандайдыр бир жалпы байланышы бар тема боюнча фактылар, окуялар, кубулуштар ж. б. жөнүндө жыйынтыктап, кыскача баяндоо, билдирүү. *Библиографиялык обзор. Эл аралык обзор.*

ОБКОМ *зат.* Облáсттык комитет. *Партиянын обкому. Обкомдун секретары.*

ОБЛАСТТЫК *зат.* Областка таандык. *Областтык комитет. Областтык кеңешме.*

ОБЛАСТЬ *зат.* 1. Өлкөнүн бир бөлүгү; территория, край.

2. СССРде ири административдик-территориялык бөлүк. *Москва области. Ош области.*

ОБЛИГАЦИЯ *зат.* Ээсине утуш же өзүнө турган наркынан процент боюнча доход берүүчү баалуу кагаз, мамлекеттик заёмдун билети. *Мамлекеттик заёмдун облигациясы.*

ОБО I *зат.* Асман, көк. *Обо мелжиген бийик аска* (Жантөшев). *Чаң обого бурулуп, Найзага найза урунуп* («Манас»).

ОБО II обоо менен бирдей

ОБОДО *зат.* Шырдак.

ОБОДОЙ *зат.* Алк, кулкун, ач көздүк, сугалактык.

ОБОЗ I *зат.* Үн, кишинин үнү.

ОБОЗ II *зат.* Биринин артынан бирин чубаган жүктүү арабалар, кире ж. б. *Кызыл обоз.*

ОБОЗГЕР вазир менен бирдей. *Обозгер жакшы—кан жакшы* (макал).

ОБОЛ *такт.* А дегенде, эң мурда, элден мурун, мурунтан, мурун. *Башканы коё туруп, обол эшигиңди түзөтүп алсаңчы* (Баялинов). *Оюн-күлкү табылат, Обол эмгек берели* (Маликов).

ОБОЛКУ *сын.* Алгачкы, мурунку, мурдагы, баштапкы. *Жаңы председатель шайлангандан оболку күнүнөн тартып колхоздо укмуштуу өзгөрүш башталды* (Абдумомунов). *Оболку дарты козголду, Тополоңу тоз болду* («Манас»).

ОБОЛО *этиш.* Көкөлөө, асмандоо, бийиктөө. *Оболоп өскөн бул даректын эртең мененки көлөкөсү биздин боз тамды каптайт* («Ала-Тоо»).

ОБОЛОО оболо этишинин кыймыл атоочу.

ОБОЛОТ оболо этишинин аркылуу мамилеси.

ОБОЛТОДОН оболтон менен бирдей.

ОБОЛТОН *такт.* Илгертен, мурдатан, баштатан. *Алай, Алтай, Ала-Тоо—Оболтон берки жерлерим* (Маликов).

ОБОЛУ обол менен бирдей.

ОБОН *зат.* Белгилүү музыкалык бирдикти сактап ырдагандагы үн. [*Каныбек*] *мукамдуу обонго салып, аягын созолонтуп барып бүтүрдү* (Жантөшев).

ОБОНЧУ *зат.* 1. Обон чыгаруучу. *Акын бизди жазып алсын, Обончусу күү салсын* (Аалы).

2. *эск.* Обонго салып жакшы ырдай билген адам, ырчы.

ОБОО *зат.* Жылкыда болуучу жугуштуу ылак, жылкынын маңкасы. *Обоого шыйпак үйүр* (макал).

ОБОР: обору ачылуу — 1) тамак жегиси келүү. *Алардын сыртынан көзөмөлдөгөндөр, оборлору ачылып... эт көтөрүп бараткан жигиттерге.. жардамдаша кетишет* (Аалы); 2) алкы бузулуу, бир нерсени көп алгысы келүү, алдым-жуттумга берилүү.

ОБОРОТ *зат.* Соода иширинде ж. б. бир нерсени жүгүртүү операциясы.

ОБОЧО I *зат.* Дөңсөөчө, төбөчө.

ОБОЧО II *такт.* Четирээк, четкерээк, алысыраак, оолак, окчун. — *Мына ушинтип, ого бетер кызуу иштеп жатабыз,— деди Сагынбек станоктон обоче боло берип* (Сасыкбаев).

ОБОЧОЛО *этиш.* Оолактоо, четтөө, алыстоо. [*Чолпонбай*] *военкоматка барганда, обочолой калып, катты окуду* (Жантөшев). *Итике тигилерге кошулбай бери жакта обочолоп өзүнчө жалгыз турат* (Убукеев).

ОБОЧОЛОН обочоло этишинин өздүк мамилеси.

ОБОЧОЛОО обочоло этишинин кыймыл атоочу.

ОБОЧОЛОТ обочоло этишинин аркылуу мамилеси.

ОБРАЗ *зат.* 1. Сыртқы түспөлү, кебете, турпат. *Лениндин ысымы Андрей үчүн улуу даражалуу болуп,.. образы көз алдынан кетпей калды* (Сасыкбаев).

2. Адабиятта жана искусстводу: чындыкты конкреттүү жана жалпылоо менен чагылдырып сүрөттөгөн элес; жазуучу, художник, артист тарабынан түзүлгөн тип, мүнөз. *Ар бир образды түзүүнүн алдында Бубусара кылдаттык менен иштеп, тийиштүү адабият менен таанышат* («Ала-Тоо»).

ОБРАЗДУУ *сын.* 1. Образдар аркылуу көрсөтүлгөн, образдар берилген.

2. Элестүү, айкын-ачык, жандуу. *Образдуу тил. Образдуу сүйлөө.*

ОБРАЗДУУЛУК *зат.* Көркөмдүүлүк, элестүүлүк; мүнөздүүлүк.

ОБРОЙ абийир менен бирдей.

ОБРОК *зат. тар.* Помещик тарабынан крепостной укук мезгилинде дыйкандардан акчалай же натуралдык түрүндө алынган салык.

ОБСЕРВАТОРИЯ *зат.* Атайын астрономиялык, метеорологиялык ж. б. байкоолорду жүргүзүү үчүн ылайыкталып жабдылган жай жана ушундай байкоолорду жүргүзүүчү илимий мекеме.

ОБУР *зат.* Сук, суктук. *Байгесине Көкөмдүн Баары агытып обурун* («Манас»).

ОБУРАК *зат.* Барк, даңк, бедель. *Обурагы артык жан экен, Оң жагында жолдошу, Арылдап жанын жаланган Ач арстаны бар экен* («Манас»).

ОБУРАКТУУ *сын.* Баркы бар, беделдүү. *Акунжан да эл ичинде сөзгө аралашып калган обуруктуу жигит* (Байтемиров).

ОБУТ *зат. диал.* Суу токтоткон чункур, көлмө, чөөт.

ОБЩИНА *зат.* Өндүрүш каражаттарына коллективдүү түрдө ээлик кылуу жана толук же толук эмес түрдө өзүн өзү башкаруу мүнөздүү болгон, көбүнчө алгачкы-общиналык түзүлүшкө таандык адамдардын бириктешип жашоо формасы.

ОБЩИНАЛЫК *сын.* Общинага таандык, община түрүндөгү.

ОБЪЕКТ *зат.* 1. *филос.* Биздин аң-сезимден тышкары, биздин аң-сезимибизге көз карандысыз жашоочу тышкы дүйнө, көрүнүш, материалдык чындык.

2. Бирөөнүн аракети, көңүлү бурулган нерсе, кубулуш ж. б. *Изилдөө объектиси. Байкоо объектиси.*

3. Чарбалык же коргоо мааниси бар бирдик катарында каралган ишкана, курулуш, айрым участок ж. б. *Курулуш объектилерине улам жаңы жүктөр жеткирилүүдө* («Коммунист»).

4. *грам.* Толуктооч менен бирдей.

ОБЪЕКТИВ *зат.* Бир же бир нече линзадан турган, каралуучу же сүрөткө тартылуучу нерсеге карай багытталган оптикалык куралдын бөлүгү.

ОБЪЕКТИВДҮҮ *сын.* 1. Адамдын аң-сезимине тышкары жана ага көз карандысыз жашаган.

2. Адилеттүү, калыс.

ОБЪЕКТИВДҮҮЛҮК *зат.* 1. Өз алдынча объект катарында, аң-сезимге көз карандысыз жашаган чындык, реалдуулук.

2. Объективдүү чындыкка туура келгендик, адилеттүүлүк, калыстык.

ОБЪЕКТИВИЗМ *зат.* 1. Жалган объективдүүлүк, чындыктын көрүнүштөрүн тарыхый зарылдык катарында көрүп, идеалистик түрдө кароочулук. *Буржуазиялык объективизм.*

2. Объективдүүлүк менен бирдей (1-маанисинде).

ОБЪЕКТИВИСТ *зат.* Объективизмди жактоочу.

ОВАЦИЯ *зат.* Кубаттагандыгын жана кубанычын билдирүү иретинде дүркүрөгөн узакка созулган кол чабуулар. *Ардактуу президиумун шайлоо жөнүндө сунуш киргизилген кезде, залда дүркүрөгөн овация болду* («Советтик Кыргызстан»).

ОВЧАРКА *зат.* Көбүнчө мал багууда пайдаланылуучу күчтүү кароолчу ит.

ОГДОРУЛ *этиш.* Күч менен октолуп жүткүнүү, ала салып кете тургансып, октос берип көтөрүлүү; төө өркөчтөнүү.

ОГДОРУЛТ огдорул этишинин аркылуу мамилеси.

ОГДОРУЛУУ огдорул этишинин кыймыл атоочу.

ОГО: ого бетер *же* **ого төтөн** — абдан, аябай, өтө эле, эң эле, мурдагыдан да күчөп, мурдагыдан да катуу. *Бул сөзгө Кубат ого бетер жагалданды* (Жантөшев). *Кардуу бороон ого бетер күч алды* (Жантөшев). **Ого эле**—абдан, өтө эле, андан бетер.

ОГОЖО *зат.* 1. Тирек, жөлөк, таяныч, сүйөнүч.

2. *өт.* Таяныч, жөлөк, башкарып-тескөөчү.

ОГОЖОЛО *этиш.* 1. Тирек коюу, таяныч коюп тирөө.

2. *өт.* Таяныч, жөлөк болуу, байкап-тескеп жүрүү.

ОГОЖОЛОО огожоло этишинин кыймыл атоочу.

ОГОРОД *зат.* Көбүнчө үйгө жакын жердеги жашылча же айыл чарба өсүмдүктөрү эгилген участок. *Огороддун четинде музоосун откозуп бала турат* (Сыдыкбеков).

ОДА *зат. ад.* Салтанаттуу, кубанычтуу окуяга же айрым адамдарга арналып, мактоо иретинде шаттуу түрдө жазылган ыр.

ОДЕКОЛОН *зат.* Парфюмериялык каражат катарында колдонулуучу жыттуу заттардын спирттеги эритиндиси.

ОДЕЯЛ (одеяло) *зат.* Жамынып жатуучу жалаң кабат төшөнчү. *Одеял, кош шейшеп, жаздык, сулгу, тумбочка, кийим илгич.. баары бар* (Бейшеналиев). *Биз токойдун түнтүрөөк жерине келип, көк шиберге одеялды жайып отурдук* (Шимеев).

ОДОНО *сын.* Оройлук, сылык эмес. *Одоно сүйлөп күрсүлдөп, Орой болбо жашыңда* (Калык). *Одоно мамиле кылуучулары аз эмес* («Мугалимдерге жардам»).

ОДОНОЛУК *зат.* Оройлук, сылык эместик. — *Одонолук экенин акыр-аягы түшүнөөн экенсиң* («Советтик Кыргызстан»).

ОДОНТОЛОГ *зат. мед.* Тиш ооруусун кароочу врач.

ОДОНТОЛОГИЯ *зат.* Тиш жана аны дарылоо боюнча илим.

ОДУРАЙ *этиш.* 1. Дордоюу, борбоюп көрүнүү. *Одурайган чоң Коңур, Сайышмак үчүн аяндап* («Манас»). *Оолуктуруп акыры Одурайган капырды* («Манас»).

2. Олурайып тиктөө. *Ызакул Кычанга одурая карады* (Бейшеналиев). *Мурап эч сөз айта албай, одурая Сабырга карады* (Сыдыкбеков).

ОДУРАКАЙ *сын.* Дордогой, жымсал эмес. *Одуракай таар.*

ОДУРАҢДА *этиш.* Олураңдоо, жулуна орой, осол мамиле кылуу, тумшугу менен бир тийүү. *Осол ырчы эмесмин, Одураңдап урушчу* (Осмонкул). *Бүркүт да одураңдап карап калды* (Бөкөнбаев).

ОДУРАҢДАТ одураңда этишинин аркылуу мамилеси.

ОДУРАҢДОО одураңда этишинин кыймыл атоочу.

ОДУРАЮУ одурай этишинин кыймыл атоочу.

ОЁЗ *зат. тар. сүйл.* 1. Уезддик начальник, уезддин начальниги, өзүнөй. *Макул, оёзуна айтып бар* (Турусбеков).

2. Уезд.

ОЁЗНОЙ *зат. тар. сүйл.* Уезддик начальник, уезддин начальниги.

ОЁН *зат.* 1. Баатыр; мыкты адам. *Орто жерин талкалап, Оён Манас арстан Оюп кырып берди эле* («Манас»). *Лоп дайранын боюнда, Оён Жаңыл туулган* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Какшыктоодо, шылдыңдоодо «кайран», «кайран неме», «мыкчегер» маанисинде колдонулат. *Ага-ини, дос-тууганы, жолдоштору — «Э, оён, кыйратарсың».. деп күлүштү* (Осмонов).

ОЁҢ *зат.* Оюраак келген жер, ойдуң.

ОЗ *этиш.* Алдыга чыгуу, алдыга өтүп кетүү. *Катар баскан адамдын алдына озуп кетет* (Сыдыкбеков). *Жаркылдап төшүңөргө алтын орден, Жарашсын эмгектен оз улам алга* (Нуркамал).

ОЗГУН *такт.* Илгери, алга чыккан. *Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озгун* (макал).

ОЗДУР оз этишинин аркылуу мамилеси.

ОЗОЛОН *этиш.* Озондоп ыйлоо. *Озолонуп ыйласа, Ыйдын түбү ый болот* (Жантөшев).

ОЗОЛОНТ озолон этишинин аркылуу мамилеси.

ОЗОЛОНУУ озолон этишинин кыймыл атоочу.

ОЗОН *зат. хим.* Кислороддон түрү өзгөрүлгөн, күчтүү кычкылдандыруучу жана жугушсуздандыруучу касиети бар газ.

ОЗОНАТОР *зат.* Бузулган абаны тазартуучу прибор.

ОЗОНДО *этиш.* Созо катуу үн чыгаруу. *Озондосом деп ойлойм, Обону жок жүрөмүн* (Тоголок Молдо). *Ошентип, Чүрөк толкундап, Озондоп ыйлап солкулдап* («Семетей»).

ОЗОНДОО **озондо** этишинин кыймыл атоочу.

ОЗОНДОТ **озондо** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЗУН *этиш.* Алдын ала мурун сүйлөө; бир нерсени иштөдө бирөөдөн мурун иш кылуу, алдын алуу. *Кычан алдын ала озунуп, тийиштик кылды* (Бейшеналиев). [*Мурат*] *Ордунан ыргып турду. Сурмадан мурун озунуп, чокту алып ыргытты* (Байтемиров).

ОЗУНТ **озун** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЗУНУУ **озун** этишинин кыймыл атоочу.

ОЗУУ **оз** этишинин кыймыл атоочу.

ОЙ I *зат.* 1. Ойлоо процесси; акыл жүгүртүп ойлонулган ниет. *Экөө тең алда канбай терең ойлордун кучагына түшүп термелди* (Жантөшев). *Булактай кайнап тургөнгүс ою терең* (Сыдыкбеков).

2. Ойлоо продуктусу, пикир. [*Капитан*] *өзүнүн оюн бирөөгө түшүндүрүүгө абдан чыста* (Жантөшев). *Сабыр азыр Сырганын оюн түшүнүп тургансып, балдарга суроо берди* (Сыдыкбеков).

ОЙ II *зат.* Чуңкурураак болуп кеткен жер, айланасындагы жердин деңгээли менен салыштырганда төмөнүрөөк келген жер, ойдуң. *Ал өзүнүн туулуп өскөн жеринин ой-чуңкурун калтырбай көргүсү келет* (Сыдыкбеков). *Чаргын.. быштысын желдирип,.. келатып, ой-тоого карап коюп, өз алдынча күңкүлдөй берет* (Сыдыкбеков).

◆ **Ойду-тоону айтуу** — болбогон нерселерди сүйлөө, дайыны жок сүйлөө, ар кайсынын башын бир айтуу.

ОЙ III *этиш.* 1. Казуу, чуңкурайтуу. [*Ашыр*] *Мустафа менен бирге.. көмүрдүн катуу катмарын оюп иштеп жатышты* (Сасыкбаев). *Кайгынын баарын коёлу, Кара жерди биз быйыл Кетменден жатып оёлу* («Манас»).

2. Тешүү, чукуп салуу. *Бош эмес бардык аңыздар, Төмөндө коон, дарбыз бар, Бөйрөгүн оюп кетпесин Карга деген кансыздар* (Осмонов). *Катыган карышкырдын көзүн ойсок* (Барпы).

3. Металлдын, жыгачтын ж. б. бетине из түшүрүп сүрөт, түр салуу, оймонун үлгүсү, формасы боюнча кесүү. *Үйлөр турат жашылдарга бөлөнүп, Тукабаны сүрөт менен ойгондой* (Аалы).

ОЙ IV *сырд.* Чочугандыкты, таң калгандыкты билдирүүдө же бирөөнү чакырууда колдонулат.

—Ой, Омор, сен эмне алдагы сүрөткө урушчудай карайсың, ык?! (Сыдыкбеков).

— Ой, келген акем турбайбы, — деп Сартбаев ордунан тура калды (Сыдыкбеков).

ОЙБОЙ *сырд.* Чочуганда, бир жери ооруганда ж. б. колдонулат.

◆ **Ойбоюна койбоо** — акидей асылып, жан-алын койбоо, эркине койбоо.

ОЙБОЙЛО *этиш.* «Ойбой» деп кыйкыруу, кокуйлоо. *Ал, колун кармап, ойбойлой баштады.*

ОЙБОЙЛОО **ойбойло** этишинин кыймыл атоочу.

ОЙБОЙЛОТ **ойбойло** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙГОН *этиш.* 1. Уйкусу ачылуу, уйкудан туруу. *Сергек Зарыл күндөгүсүндөй эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Жандануу, кыймылга келүү, козголуу. *Өлүк талаа жан байлады, Уйкусунан ойгонуп* (Бөкөнбаев). *Батыш, чыгыш ойгонду, Дос, душман таанып ойлонду* (Турусбеков).

ОЙГОНУУ **ойгон** этишинин кыймыл атоочу.

ОЙГОО *такт.* Уктабаган, уктай элек абал.—*Болот ай, ойгоо болсоң, туруп чаар уйду бадага кошуп келчи* («Жаш ленинчи»).

ОЙГОТ *этиш.* 1. Ойгонууга дуушар кылуу, уктап жаткан кишини ойгонууга аргасыз кылуу.

2. *өт.* Жандандыруу, козгоо, кыймылга келтирүү.

ОЙДОГУДАЙ *сын.* Ойлогондой, көңүлдөгүдөй, каалагандай, эң сонун. *Оңой эмес ойдогудай өстүрмөк, Он бир бала—он бир баатыр кабланды* (Осмонов). *Сан, сапатын ойдогудай иштесек, Ушу күндө жердин бети бал каймак* («Советтик Кыргызстан»).

ОЙДОЛО *этиш.* Бир орунга турбай тез-тез кыймылдоо, тыбырчылап, тынч тура албоо, ойсоктоо. *Минип турсаң, бийлеп турат ойдолоп, Жерди чапчыйт, күрөк менен казгандай* (Аалы). *Отун алган кызкелин, Ойдолошот кылтылдап* (Осмонкул).

ОЙДОЛОКТО **ойдоло** менен бирдей.

ОЙДОЛОО **ойдоло** этишинин кыймыл атоочу.

ОЙДОЛОТ **ойдоло** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙДУҢ *зат.* Айланасындагы жердин деңгээли менен салыштырганда төмөнүрөөк келген жер, мейкиндик, ой. *Беттеги жылкыларды ойдуңга айдап барды* (Абдумомунов). *Кыштак мына ушул ойдуң, көмүскө жерге орношкон* (Таштемиров).

ОЙДУР **ой** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙКУ: ойку-кайкы — толкун сымал, өйдө-ылдый; закымдаган сыяктуу. *Ал атчандар жүрүүчү ойку-кайкы белестерден өткөн чыйыр жолдун нугунан эчак бөлүнгөн* (Аалы). [*Каныбек*] *ыкыс берип ойку-кайкы кубултуп, түркүм порум менен чөртүүдө* (Жантөшев).

ОЙКУШТА *этиш.* Кылыктанып ойдолоо, кылтындап ойдолоо. *Бурала басып ойкуштап* (Маликов).

ОЙКУШТАН **ойкушта** этишинин өздүк мамилеси.

ОЙКУШТАТ **ойкушта** этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙКУШТОО **ойкушта** этишинин кыймыл атоочу.

ОЙЛО *этиш.* Ой жүгүртүү; ойго батуу. *Кирбей туруп, чыгарыңды ойло* (макал). *Жылдызкан так ушуларды ойлоп турду* (Байтемиров).

ОЙЛОН **ойло** этишинин өздүк мамилеси.

ОЙЛОО ойло этишинин кыймыл атоочу.

ОЙЛОТ ойло этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙЛОШ ойло этишинин кош мамилеси.

ОЙЛУУ *сын.* Ойго баткан. *Анархан али ойлуу* (Жантөшев). *Аким да башын шылкыйтып, ойлуу* (Сасыкбаев).

◆ **Эки ойлуу болуу** — олку-солку болуу, чечкиндүү ойго, чечимге келе албоо, эмне кыларын анык биле албоо. [*Сабхат*] *эки ойлуу болуп, каалгый басып постуга барды* (Сасыкбаев).

ОЙМО *зат.* Чеберчилик менен бир нерсенин бетине оюп түшүрүлгөн көчөт, сүрөт, түр, оюу. *Тегирич, жабык баш, тизгичтердин түрдүү оймо кыялдарын сүрөттөп болбойт* (Аалы). [*Апар*] *оймосуна бермет төккөн укмуштуу кемерди.. өз колу менен курчады* (Аалы).

ОЙМОК *зат.* Шакек сымалдуу, төгөрөк таман салынган жагы сөөмөйдүн ич жагына келтирилген, тигүүдө ийненин түбү колго өтпөс үчүн колдонулуучу буюм. [*Айымжандын*] *оймогу сөөмөйүндө жүрөт* (Сыдыкбеков). *Сайма түрлөп, салаага оймок кыстарган* (Аалы).

◆ **Жез оймок** — ишмер аял, колунан көөрү төгүлгөн уз. *Жез оймок аял өзү эле, Сарамжал менен үй кармап, Салтанат менен жыргашы* (Тоголок Молдо). **Оймок ооз** — оозу кичинекей (көбүнчө кыздарга, алардын сулуулук сапатына карата айтылат). *Ордунан турду буралып, Оймок ооз, калем каш* («Курманбек»).

ОЙМОКПООЧ: оймокпооч салуу — көбүнчө көмүскө, башкаларга билдирбей туруп бурай чымчып алуу. [*Акия*] *кээде уч колдун башын батырып, оймокпоочту салып, Элебестин бир жерин үзүп алат* (Сыдыкбеков).

ОЙМОЛО *этиш.* Түрдөп, көчөттөп бир нерсенин бетине оюу-чийүү түшүрүү, түр салуу, оймо түшүрүү. [*Кадырбайдын*] *бутунда туюк ултарган бийик такалуу ойгологон кызыл соору өтүк* (Жантөшев).

ОЙМОЛОН оймоло этишинин өздүк мамилеси.

ОЙМОЛОО оймоло этишинин кыймыл атоочу.

ОЙМОЛОТ оймоло этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙМОЛУУ *сын.* Оймосу бар, оймо түшүрүлгөн, оймолонгон. *Төр жакта салынган оймолуу шырдак үй ичин көркөндүрүп турат* (Бейшеналиев). *Жаңактын үюлунан кырган, оймолуу, сабына күмүш төгөргөн чоң жанаяктын биринчисин Дыйканга сунду* (Аалы).

ОЙМОТЕКЕЙ *зат. диал.* Шырдак, шырдамал.

ОЙМОЧУ *зат.* Жыгач, сөөк жана башка нерселерди кесип, чийип, оюп кооздоочу уста адам; шырдак ойгон аял. *Оймочу оюп, түр салган* («Сариньи—Бөкөй»).

ОЙНО *этиш.* 1. Шоок кылуу, кандайдыр бир нерсе, оюнчук же оюн менен алаксуу, көңүл ачуу. *Жадырап гүлдөй жаш бала, Күлүңдөп ойноп баштады* (Бөкөнбаев).

2. Ойноктоо, оюн салуу, тез, ар кыл кыймыл-аракетте болуу. *Жээрде жалт берип сымаптай ойноп, мүнөзүн көрсөттү* (Сыдыкбеков).

3. Тамаша кылуу. *Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө* (макал).

4. Сахнада оюн-шоокторго катышуу, белгилүү бир роль аткаруу.

5. Кандайдыр бир музыканы же күүнү музыкалык инструментте аткаруу. *Петя кыягын алып Бористин жанына келди да: — Бористин урматына! — деп ойной баштады* (Байтемиров).

ОЙНОКТО *этиш.* Бир орунга тынч тура албоо, тынч ала албоо, өюн салуу, ойдолоо, өтө тез, элпек, ар кыл кыймыл-аракетте, абалда болуу, бир калыпта тура албоо. *Ойноктосо Телтору ат, Ок жетпеген мал эле* («Курманбек»). *Деңизде сүзүп ойноктоп, Дем кылган жакка бара алсам* (Аалы). [*Орусбектин*] *бакырайтып чоң ачылган капкара көздөрү ойноктоп оттуу* (Сыдыкбеков).

ОЙНОКТОО ойнокто этишинин кыймыл атоочу.

ОЙНОКТОТ ойнокто этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙНОО I *сын.* Ойноок, оюнкарак, ойногонду жакшы көргөн, токтоло элек. *Ойноо бала. Ойноо кез.*

ОЙНОО II ойно этишинин кыймыл атоочу.

ОЙНООК *сын.* 1. Кол, буттун муундарынын чыгып кеткен жери ордунан жылып, бирде чыгып, бирде ордуна келип турган, кылтылдак. *Бармагым ойноок болуп калыптыр.*

2. Оюнкарак, шайкелең, ойноо. *Кубалашкан кулундар Ойноок, тентек балдардай* (Аалы). *Ойноок бала жакшылыктуу оттоткон да эмес окшойт* (Бейшеналиев).

ОЙНОТ ойно этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙНОШ I *зат.* Никесиз мамиле жана ушундай бири-биринe жыныстык жагынан жакын болгон мамилеги аял менен эркек, тамыр. *Катыныңа ойнош деп, Кадыры жеткен ойноп — деп* («Манас»).

ОЙНОШ II ойно этишинин кош мамилеси.

ОЙРОН I *зат.* 1. Баатыр, оён, эр. *Эр Табылды ойронуң, Ташка жакын бастырып* («Эр Табылды»). *Оң жагында баатырдын, Ойрон Бакай баш болуп* («Манас»).

2. **Күл ойрон** менен бирдей.

3. Абдан, эң бир. *Ойрон мыкты.*

◆ **Күл ойрон** — көбүнчө аялдар кошок кошкон мезгилде жаш өлгөн күйөөсүнө карата колдонулат. *Асылым Арпа күл ойрон, Кандай жорук баштадың* (Тоголок Молдо).

ОЙРОН II *зат.* Кыйранды, таш-талкан, бырын-чырын. *Ойрон болуу. Ойрону чыгуу. Ойронун чыгаруу.*

ОЙРОНДО *этиш.* Кыйратуу, талкалоо,

жок кылуу. *Сабырдуулук менен иштеп,.. калың катмарды ойрондото соголук!* (Сасыкбаев). *Кез келгенди ойрондоп, Басып келет деп уктум* («Манас»).

ОЙРОНДОО ойрондо этишинин кыймыл атоочу.

ОЙРОНДОТ ойрондо этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙСОҚТО *этиш.* Кылтыңдап, кылыктанып ойдолоо, бир калыпта тынч тура албай ойсоңдоо, ойкуштануу. [*Гүлнар*] *тынч тура албай ойсоктой берип, эжекелеринин колдорун бек-бек кысып ажырашты* (Сыдыкбеков). *Акмандын жээрдеси ойсоктой басат* (Сыдыкбеков).

ОЙСОҚТОО ойсокто этишинин кыймыл атоочу.

ОЙСОҚТОТ ойсокто этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙСОҢДО ойсокто менен бирдей.

ОЙСУЛ: ойсул ата *зат.* 1. *миф.* Төөнү колдоочу ээси. *Чымын тийген төөгө ойсул ата не пайда* (макал).

2. *өт.* Төө. *Ойсул ата Кызыл нар* («Эр Төштүк»).

ОЙСУРА *этиш.* Алы кетүү, түгөнүү, эңшерилүү.

ОЙСУРАТ ойсура этишинин аркылуу мамилеси.

ОЙСУРОО ойсура этишинин кыймыл атоочу.

ОЙТ: ойт берүү — жалт берүү, буйт берүү, үркүп кетүү. *Апасы келип сермей бererде Сатыкул ойт берди* (Қасымбеков). *Сур* [*ат*] *ойт берип кошкурганда, Нур акең*: «*Так, так*» *деди, Тракторго жалдырап* (Аалы).

ОЙЧУЛ *зат.* Ой жүргүзгөнгө абдан шыктуу адам; терең, философиялык ой жүргүзүүгө жөндөмдүү, акылман адам.

ОК I *зат.* 1. Мылтык сыяктуу атылуучу куралдардын патронунун сөз жагына кептелген сүйрү же тоголок коргошун. *Житкен окту аткан ок табат* (макал). *Тараска ок тийип, оор жарадар болду* (Сасыкбаев).

2. Жаанын жебеси. *Жаанын огу жаңылды.*

3. Снаряд. *Замбиректин огу.*

4. Патрон. *Ок тизгич. Атууга камдалган ок.*

◆ **Ок-дары** — согушка керектелүүчү нерселердин (патрон, дары, ок ж. б.) жалпы аталышы. *Ок-дары калды азайып* («Эр Табылды»). *Бир нече ондогон кишилер.. ок-дарылардын складын жарууга катышты* (Абдукаримов). **Ок жаңылуу** — ок тийүү. **Окко учуу** *к. уч III.* *Айткулу үркүндө окко учкан* (Баялинов). **Ок аттатуу** — атылган ок ичте калган кишинин үстүнөн күнөөсүз аялды аттатуу (элдин ишеними боюнча мындай учурда аял күйөөсүнө карата таза, ак жүрсө ок түшүп калат имиш). *Алып келгин Үүрөктү, Ок аттатып калалык* («Семетей»).

ОК II *зат.* **Дөңгөлөктөрдүн, машиналардын айлануучу бөлүктөрүнүн айлануу борборуна коюлуучу темир; эки аттык арабанын алдындагы ат чегиле турган узун жыгачы.** *Арабанын ок жыгачын суурып келди* (Сыдыкбеков).

ОК III *сырд.* Көңүлгө туура келбеген сөз же жаман кабар угузган кишиге карата айтылып, чочугандыкты, корккондукту билдирүү иретинде колдонулат. — *Ок, жаагыңа таш, кара жолтой! — деп тилдеди* (Сасыкбаев).

ОКЕАН *зат.* Материктер арасындагы эң чоң суу мейкиндиги. *Тынч океан. Атлантика океаны.*

ОККУПАНТ *зат.* Басып алуучу, оккупацияга катышкан адам.

ОККУПАЦИЯ *зат.* Қандайдыр бир мамлекеттин аскер күчү менен бөтөн территорияны суверенитеттик укук бербестен басып алышы.

ОККУПАЦИЯЛА *этиш.* Оккупация кылып алуу, оккупацияга дуушар кылуу.

ОККУПАЦИЯЛАН оккупацияла этишинин өздүк мамилеси.

ОККУПАЦИЯЛОО оккупацияла этишинин кыймыл атоочу.

ОККУПАЦИЯЛЫК *сын.* Оккупацияга таандык. *Оккупациялык режим.*

ОКО *зат.* Алтын же күмүш жип аралаштырылып согулган тасма, сызма.

ОКОП *зат.* Қазып чыгарылган топурагы кырына үйүлгөн, душмандар менен атышуу үчүн жасалган чуңкурлуу далда. [*Андрей*] *терең окопторду казып, сапёрдук жумуштарды аткарды* (Сасыкбаев).

ОКОРО *зат.* Жүгөндүн ооздугуна чылбырды жана тизгинди чалып, эки жагындагы эки бөлөк кайыштын кошкон жерин томолоктоп түйгөн байлоо. *Окоро түйгөн ак нокто, Тайторуга чак нокто* («Семетей»). *Окоро түйгөн ак тизгин Ойноп учкан тулпардын* («Манас»).

ОКРУГ *зат.* Мамлекеттик территориянын административдик саясий, чарбалык, согуштук ж. б. бир бөлүгү. *Улуттук округ. Согуштук округ. Шайлоо округу.*

ОКРУГДУК *сын.* Округга таандык. *Округдук конференция. Округдук шайлоо комиссиясы.*

ОКТО I нокто менен бирдей.

ОКТО II *этиш.* Дүрмөттөө, ок салып атууга даяр кылуу. *Мылтыгын мыктап октоду, Милтесин бу да чоктоду* («Манас»).

ОКТОЙ *сын.* 1. Абдан тез, ылдам. *Октой атып кирип барды.*

2. Абдан түз; таамай. *Октой түз. Сөзү октой.*

ОКТОЛ I *этиш.* Октолуу, атылуу, алга катуу умтулуу. *Кабылан шердей октолуп, Качырып Жапар жүгүрдү* (Бөкөнбаев). *Кара чаар жолборстой, Карасаң Алмаң октолуп* («Манас»).

ОКТОЛ II окто этишинин туюк мамилеси.

ОКТОЛУУ *сын.* Октолгон, дүрмөттөлүү. *Октолуу мылтык.*

ОКТОО I нокто менен бирдей.

ОКТОО II окто этишинин кыймыл атоочу.

ОКТОРУЛ *этиш.* 1. Атырылып бууракандоо, атырылуу. [*Ахмет*] *сууну октолуп агып жатканын карап турду* (Сасыкбаев).

2. Алдыга катуу жүткүнүү; атырыла алга катуу умтулуу. *Жумушчулар октолуп жардана калышты* (Сасыкбаев). *Кээ бир жерде Сарала Октолуп жулкунат* («Манас»).

ОКТОРУЛТ **октолул** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКТОРУЛУУ **октолул** этишинин кыймыл атоочу.

ОКТОС: октос берүү — алдын көздөй тез, катуу жүткүнүү, чукул атырыла умтулуу. *Жээрде кашка башын чулгуп, алдыга жөнөгөн октос берип зымырады* (Бейшеналиев).

ОКТОТ **окто** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКТОШ **окто** этишинин кош мамилеси.

ОКТЯБРЬ *зат.* 1. Календардык жылдын онунчу айы. *Октябрь ай, жийде жыттуу сонун ай, Жакшы иштеген колхозчунун баары бай* (Осмонов).

2. 1917-жылкы Улуу Октябрь социалисттик революциясы жана анын жылдыгы. *Октябрда аткан таң, Эркиндик берди элиме* («Советтик Кыргызстан»).

ОКТЯБРЁНОК **октябрят** менен бирдей.

ОКТЯБРЯТ *зат.* Пионер дружиналары жетекчилик кылуучу кенже (2—3) класстардын окуучулары. *Үчүнчү класстагы октябряттардын бардыгы пионерлердин катарына өтүштү* («Кыргызстан пионери»).

ОКУ *этиш.* 1. Билимди, илимди үйрөнүү, өздөштүрүү. *Бир күндү бекер кетирбей, Билим ал, оку, балдарым* (Үсөнбаев). *Эх! «Оку, оку жана оку» — деп,.. айткан экен да!» — Аскар ушуну ойлонуп эмнегедир Сыргага карады* (Сыдыкбеков).

2. Жазылган нерсени үн чыгарып же көз жүгүртүп билүү. *Газета, китеп окуп отургандар да бар* (Убукеев). [*Радченко*] *үнүн бийик чыгарып* [*ырды*] *окуп да берди* (Сасыкбаев).

3. Элдин алдында жазылган нерсени оозеки баяндоо, айтып берүү. *Лектор лекция окуду.*

4. Жаттап алган куран, дуба ж. б. кандайдыр бир максатта ачык же купуя айтуу; дем салуу. *Куран окуду. Дуба окуду. Намаз окуду.*

ОКУЙ *этиш.* Соксоюп жалгыз калуу. — *О кокуй, окуюп эшикте жалгыз олтурасыңбы?* (Убукеев).

ОКУЙТ **окуй** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКУЛ **оку** этишинин туюк мамилеси.

ОКУЛИСТ *зат. мед.* Көз оорулары боюнча врач, специалист.

ОКУМАЛ *сын.* Окуган, билимдүү.

ОКУМУШТУУ *зат.* Илимпоз; билимдүү; илимдин бир тармагы боюнча специалист. *Атактуу окумуштуу. Советтик окумуштуулар.*

ОКУНЬ *зат.* Астынкы сүзгүч канаты кызгылт, туурасынан кеткен кара жолжолу бар, көгүлтүр-саргыч, тузсуз суудa жашоочу балык.

ОКУРА *зат.* Үйлардын териси менен этинин арасындагы сайгактын личинкасы.

ОКУРАЙ *этиш.* Көзүн акшыйтып олурайтуу. *Омор Сабырга окурая карап:— Ага, окууң аздык кылабы? — [деди]* (Сыдыкбеков).

ОКУРАЙТ **окурай** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКУРАН *этиш.* Кишенегенге жакын үн чыгаруу. *Ээсин күтүп окуранган ат турат* («Ала-Тоо»). *Ак баштал кулунуна улам имерилип окуранып, түшө калып, жыттагылап турат* (Мидин).

ОКУРАНТ **окуран** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКУРАНУУ **окуран** этишинин кыймыл атоочу.

ОКУРАЮУ **окурай** этишинин кыймыл атоочу.

ОКУС *зат.* Күтүлбөгөн жерден же этибарсыздыктан болгон иш, окуя, кокустук.

◆ **Окус болуу** — бир жерин чыгарып алуу, майып болуу; өлүмгө учуроо.

ОКУСТАТ *этиш.* Бир жерин чыгарып же мертинтип алуу.

ОКУСТАТУУ **окуста** этишинин кыймыл атоочу.

ОКУТ **оку** этишинин аркылуу мамилеси.

ОКУТУУЧУ *зат.* 1. Окуу жайларында сабак берүүчү мугалим. *Орто мектептин окутуучусу. Институттун окутуучусу.*

2. *өт.* Устат, үйрөтүүчү. *Токтогул жалаң гана улуу акын, композитор болбостон, улуу окутуучу да болгон* (Бөкөнбаев).

ОКУУ I *зат.* 1. Билим алуу, билимге ээ болуу процессинин жана билим берүүгө байланыштуу иштердин жалпы аталышы. *Ойлук белги болушта, Окуунун кени оруста* (Токтогул). *Анда олтургандар элеттен шаарга окууга бараткан жаштар болсо керек эле* (Сыдыкбеков). *Мылтык менен окууга карылык жок* (макал).

2. Теориялык жоболордун жыйындысы; кандайдыр бир окумуштуунун, ойчулдун ж. б. негизги жоболорунун, көз караштарынын ж. б. жыйындысы, системасы. *Материалисттик окуу. Ленин-дин окуусу.*

ОКУУ II **оку** этишинин кыймыл атоочу.

ОКУУЧУ *зат.* 1. Мектепте окуган бала. *Биринчи класстын окуучусу. Жогорку класстардын окуучулары.*

2. Китеп, газеталарды окуй турган адам. *Мындайча окуу менен китеп окуучулардын конференциясына катыша албайбыз* (Таштемиров). *Эриклей, өткөн сырды айта берсек, Ойлоймун окуучуга болор эрмек* (Турусбеков).

ОКУШ I **окуу II** менен бирдей.

ОКУШ II **оку** этишинин кош мамилеси.

ОКУЯ *зат.* Болуп өткөн кандайдыр бир учур, факт, кубулуш. [*Андрей*] *жүрө-*

гун толкуткан,.. окуяларды жомоктотуп айткысы келди (Сасыкбаев). *Мына, бул окуя мындан алты күн илгери болгон* (Жантөшев).

ОКУЮУ окуй этишинин кыймыл атоочу.

ОКЧО *такт.* Окчунураак даяр, эптенген даяр абалда. [*Ырайымжан*] *автоматын окчо кармап, душмандын тобун тушмалдап, быдыратат* (Касымбеков). *Колундагы чорт келте, Окчо кармап бир койду* («Манас»).

ОКЧОНТОЙ *зат.* Ок салынуучу булгаарыдан жасалган баштыкча. *Айтуу окчонтойдон бир окту ала коюп, тиштеп туруп Байтерекке берди* (Аалы).

ОКЧУН *такт.* Алысыраак, оолак, мындайраак. *Төртөө артта окчун келет* (Жантөшев). *Башкалардан окчун.. алдыда келаткан жээрде атчан өтө ашыгат* (Сыдыкбеков).

ОКЧУНДА *этиш.* Окчун болуу, оолагыраак, четкерээк туруу.

ОКЧУНДОО окчунда этишинин кыймыл атоочу.

ОКШО *этиш.* 1. Кебетелеш, турпатташ болуу, окшош болуу. — *О, мына кадимки Шабыраалыга эми окшодуң!* (Байтемиров). [*Сапек*] *тамекең чайнап алган эчкиге окшоп кетти* (Аалы).

2. Сыяктануу. *Шабыраалы кээ бир кишиге шек.берип койгон окшойт* (Байтемиров).

ОКШОМДУУ *сын.* Келишимдүү, келбеттүү. *Ойрондоп казган каналдан Окшомдуу дарак гүл өсөт* (Аалы). *Башкасын байлап алайын Окшомдуу жеңем Чүрөккө* («Семетей»).

ОКШОҢДО *этиш.* Көзүн үлүрөйтүп, окшурайтып, олондоп кароо, тиктөө, окшуңдоо. *Элемандын Төштүгүн, Окуранып окшоңдоп, Тосо чыкты Саргылдың* («Эр Төштүк»).

ОКШОҢДОО окшоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ОКШОҢДОТ окшоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ОКШОО окшо этишинин кыймыл атоочу.

ОКШОТ окшо этишинин аркылуу мамилеси.

ОКШОШ I *сын.* 1. Турпатташ, түспөлдөш, кебетелеш, бирдей. *Сыяда эненин кээ бир кыялы Кымка эненикине окшош* (Бейшеналиев). *Азыркы узатып келген меймандарга Тарасыңар коёндон да окшош экен? — деп, өрөпкүй баштады* (Убукеев).

2. Баары бир. *Кой эми, Айганышка жалтактаба. Окшош, кечпейт Акен* (Сыдыкбеков).

ОКШОШ II окшо этишинин кош мамилеси.

ОКШОШТУК *зат.* Кебетелештик, турпатташтык, бирдейлик.

ОКШУ *этиш.* Кусуп жибере турган болуп жүрөгү айлануу. *Тачкачылар андан бетер жөтөлүп, окшуп жатышат* (Сасыкбаев).

ОКШУҢДА *этиш.* Көзүнүн агын чыгарып олураюу, окшураюу, акшыңдоо. *Оңуранып-окшуңдап, Артын карай калганы* («Эр Төштүк»).

ОКШУҢДАТ окшуңда этишинин аркылуу мамилеси.

ОКШУҢДОО окшуңда этишинин кыймыл атоочу.

ОКШУРАЙ *этиш.* Көзүнүн агын чыгара, үңүрөйө кароо, акшыраюу.

ОКШУРАЙТ окшурай этишинин аркылуу мамилеси.

ОКШУРАЮУ окшурай этишинин кыймыл атоочу.

ОКШУТ окшу этишинин аркылуу мамилеси.

ОКШУУ окшу этишинин кыймыл атоочу.

ОЛБУЙ: олбуй-солбуй — оңунан да, солунан да, оң-солунан. *Астындагы Көкчолок Олбуй-солбуй камчы уруп* («Сейтек»).

ОЛБУРЛУУ *сын.* Зор, кабалтең, чоң. *Асанбек олбурлуу, мурду коңкойгон, көзү чүңүрөйгөн, маңдайы жазы сары киши* (Жантөшев).

ОЛДА *сырд.* Өкүнгөндү, кекээрдегендикти кейигендикти билдирүүдө колдонулат. *Динар чындап ызаланды: — Олда кайран ай, жеке силер эмес, биз деле тарткабыз* (Сыдыкбеков). *Олда кагылайын кымыз ай!* (Сыдыкбеков).

ОЛДО олда менен бирдей.

ОЛДОКСОН *сын.* Эби жок, ийкемсиз, чоркок, эпсиз. *Кандай олдоксон адамсың!?* (Каралаев).

ОЛДОКСОНДУК *зат.* Эби жоктук, ийкемсиздик, чоркоктук, эпсиздик. *Бул олдоксондугу үчүн өзүн өзү жемелеп турду* (Жантөшев). *Олдоксондук жаман адат, Чоркоктукту жеңели* (Осмонкул).

ОЛЖО *зат.* 1. Аңчылыктан, мергенчиликтен ж. б. табылган табылга, пайда, байлык. *Этти эки атка бөлө артып, олжо менен үйгө кайттык* («Ала-Тоо»).

2. Жоолашууда, согушта кас тараптан тартып алынган, колго түшкөн мүлк, курал-жарак, байлык. *Алар жоортуулдан тапкан олжолорун тептең бөлүшүп, дайым бир-бирин жоодон кайтарышчу экен* (Аалы). *Олжо сеники болду* («Ала-Тоо»).

ОЛЖОЛО *этиш.* Олжо кылып алуу. *Баарыбызды жөн койбой, Олжолоп алып тынат го* («Манас»). *Бечараны олжолоп, Талдганын жазышты* (Тоголок Молдо).

ОЛЖОЛОН олжоло этишинин өздүк мамилеси.

ОЛЖОЛОО олжоло этишинин кыймыл атоочу.

ОЛЖОЛОТ олжоло этишинин аркылуу мамилеси.

ОЛЖОЛОШ I *сын.* Олжону бирге табышкан, олжону бөлүп алышууга акылуу.

ОЛЖОЛОШ II олжоло этишинин кош мамилеси.

ОЛЖОЛУУ *сын.* Олжосу бар. *Сапар олжолуу келген Тугөлдү көрүп, күлүп жиберди* (Бейшеналиев). *Олжолуу болгон калың кол, Ойноп бүгүн жаткыла* («Эр Табылды»).

ОЛИМПИАДА *зат.* 1. Төрт жылда бир өткөрүлүүчү эл аралык спорттук мелдештер, олимпиадалык оюндар.

2. Ар түрдүү мелдештер: конкурс, кароо. *Каныкүл 1950-жылы өнөрпоздордун областтык олимпиадасына катышат* («Кыргызстан аялдары»).

ОЛИМПИАДАЛЫК *сын.* Олимпиадага таандык.

ОЛИФА *зат.* Майлуу сырлар, лактар үчүн колдонулуучу зыгырдын же кара куурайдын кайнатылган майы.

ОЛКУ: олку-солку — туруктуу эмес, ойлогон оюнда турбаган, ыргылжың. *Иманбайдын максаты: Мамбеткулдун эмне үчүн олку-солку болуп жүргөнүн билүүдө болучу* (Каимов).

ОЛОБО *зат.* Кой менен эчкинин өпкөсүн алып, ичин тазалап, май менен сүткө толтуруп, сууга кайнатылып бышырылган тамак. *Союлган койдун өпкөсүн алып олобо жасоого киришти.*

ОЛОГОЙ *сын.* Олойгон, олоюп турган. *Ологой көз.*

ОЛОЙ *этиш.* 1. Бир көзү сокур болуу. *Найза тийип көзүнө, Олойгондор дагы бар* («Манас»).

2. Олураюу, көзүн акшыйтып кароо. *«Окубайсың» деп айтсаң, Олӧ карап ормӧт* (Маликов). [*Атка минерге*] *Колхозчулар «кайда бардың» деп айтса, Кабак чытып түсүн үйрүп олойгон*(Осмонкул).

ОЛОК *зат.* Сокур, олойгон.

ОЛОКТО *этиш.* Сокураңдоо, олоңдоо, олоюу. *Олоктогон кароолчунун жанына Кедейдин төрт жолдошу жалынып келип акмалап отурушту* (Токтогул).

ОЛОКТОО олокто этишинин кыймыл атоочу.

ОЛОКТОТ олокто этишинин аркылуу мамилеси.

ОЛОҢ *зат.* Басмайылдын артыраак жагына тартылуучу, ээрге бекитилген басмайыл. *Басмайыл, олоңдору куудулдун оюнчуктарына окшоду* (Аалы). *Үч басмайыл, кош олоң Үстү-үстүнө тартылган* (Осмонкул).

◆ **Олоң чач** — узун, жоон келген чач.

ОЛОҢДО *этиш.* 1. Сокур сыяктуу болуп көрүнүү, олоктоо. *Олоңдогон ал ачуу, Орго түшкөн кез экен* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Ачууланууу, тумшугу менен бир тийүү, ороңдоо. *Олоңдогон калмактын, Ок өтпөгөн тону бар* («Манас»). *Унутуп калсам бир ишим, Олоңдоп мага бакырат* (Барпы).

ОЛОҢДОО олоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ОЛОҢДОТ олоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ОЛОҢДУУ *сын.* Олоңу бар.

ОЛПОК *зат.* 1. Бешикке баланын астына салынуучу жумшак, мамыкка окшош төшөк.

2. *тар.* Калың кабат жүн салып тигилген, урушта кийилүүчү сырт кийим. *Эки чопкут бир олпок Каттоо менен кийиңер* («Эр Табылды»). *Колубуздан келер ш болсо: ок өткүс олпок тигип жиберип, силерди ач ажалга алдырбасак дейбиз* (Сыдыкбеков).

ОЛТУР отур менен бирдей.

ОЛУ *этиш.* Бир нерсени оюп же чукуп алуу, оё алып кетүү. *Чылпагын алам деп көзүн олуп алган* (макал). *Жүрөктөн тийип, аркасын Бир топ олуп кетиптир* (Жантөшев).

ОЛУН *этиш.* Олураңдап мурду менен бир тийүү, атырыла ороңдоо. *Көчөр Сапарга олунду* (Бейшеналиев).

ОЛУНУУ олун этишинин кыймыл атоочу.

ОЛУРАЙ *этиш.* Көзүн окшуйтуп олоюп кароо, тиктөө. [*Марк Соломонович*] *«эмөөбүздүн ойронубуз чыгат!» — дегендей болуп олурайды* (Сасыкбаев).

ОЛУРАЙТ олурай этишинин аркылуу мамилеси.

ОЛУРАҢДА *этиш.* Олоңдоо, көзүн акшыңдатып орой мамиле кылуу, катуу бир тийүү.

ОЛУРАҢДОО олураңда этишинин кыймыл атоочу.

ОЛУРАЮУ олурай этишинин кыймыл атоочу.

ОЛУТ *зат.* Орун. *Олут алды.*

ОЛУТГУУ *сын.* 1. Орундуу, жөндүү. *Акбардын олуттуу мамиле кылып, тигирээк сүйлөшүү Шекерге жылуу таасир этти* (Убукеев).

2. Зор маанилүү, керектүү, орчундуу. *Жаңы жердин маанисине түшүнбөй, Олуттуу иштен бизди четке бурасыз* (Осмонкул).

ОЛУЯ *зат.* Бир нерсени күн мурунтан билүүчү касиети бар адам. *Олуя болуп дүпүлдөп, Мазарга барып жалынчу* (Тоголок Молдо). *Олуя жакынын колдойт* (макал).

ОЛЧОГОЙ *сын.* Эң чоң, эпсиз чоң, дардайган, колдойгон, олчойгон.

ОЛЧОЙ *этиш.* Чоң, барааандуу же эби-сыны жок көрүнүштө, кебетеде болуу; өтө көп болуу.

ОЛЬХА *зат.* Суу бойлорунда өсүүчү кайың түркүмүнө кирүүчү жалбырактуу жыгач же бадал.

ОМ *зат.* Электр өткөргүчүнүн каршылыгын өлчөгүч единица.

ОМБУ: омбу-домбу 1. Өңгүл-дөңгүл, өйдө-ылдый.

2. Алабарман сүйлөгөн, туругу жок, тигини-муну бир айткан.

ОМИЙИН *зат. дин.* Бата тилегенде, бата кылганда колдонулат. *Акман.. колун жайып: — Омийин, журтум! — дей берди* (Сыдыкбеков).

ОМКОР *этиш.* Коңторуу, томкоруу, оодаруу. *Колдоруна майышпаган лом алып, Таш омкоруп, арабага таш салып* (Осмонов).

ОМКОРТ омкор этишинин аркылуу мамилеси.

ОМКОРУЛ омкор этишинин туюк мамилеси.

ОМКОРУУ омкор этишинин кыймыл атоочу.

ОМКОРУШ омкор этишинин кош мамилеси.

ОМОК *зат.* 1. Өмгөккө салынган күч; күчкө салган аракет.

2. *өт.* Таяныч, жөлөк, тирек.

ОМОКТО *этиш.* Күчкө салуу; жөлөптаѳо; жөлөк-таянычын келтирип, бир нерсени көрсөтө айтуу. *Сен да сүйбөй жүрөт деп, Далилдедим омоктоп* (Аалы).

ОМОКТУУ *сын.* 1. Омогу бар, карылуу. *Омоктуу ат.*

2. *өт.* Күчтүү, бакыбат. [*Ормуш*] *комсомол укмунун секретары болуп иштегенден бери.. өзүн омоктуу сезип калган* (Байтемиров).

ОМОНИМ *зат. линг.* Тыбыштык составы бирдей, бирок мааниси башка сөз (мисалы: ат— адамдын аты, нерсенин аты, ат — жылкы маанисинде ж. б.).

ОМУР *этиш.* Омкоруу, түбү менен же түбүнөн томкоруу, оодаруу. *Арыктын суу жырып кеткен жерине чийдин дүңгөсүн омуруп барып салышты* (Үбукеев). [*Батыш*] *такасын омуруп албайын деп, өтүгүн чечип колуна алат* (Сыдыкбеков).

ОМУРООО *зат.* 1. Малдын көдөнү, көкүрөгү. *Кара чокойдун согончогу эчак эле торпоктун омуроосуна жеткен* (Аалы). *Кар атпын омуроосунан келип, оңойлук менен жол бербейт* (Байтемиров).

2. Төштүн ийинден төмөнкү бөлүгү. *Омуроодогу кызыл шуру.. сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев).

◆ **Омуроого салуу** — күчкө салуу, коркутуу, үркүтүү.

ОМУРООЛО *этиш.* 1. Омуроого салып жөөлөө, омуроосу менен түртүү.

2. *өт.* Бирөөгө ачууланып тумшугу менен бир тийүү, жулунуу, опурулуу. *Омуроолоп бир тийбе Өзүнчө карап турганга* (Осмонкул).

ОМУРООЛОО омурооло этишинин кыймыл атоочу.

ОМУРООЛОТ омурооло этишинин аркылуу мамилеси.

ОМУРТ омур этишинин аркылуу мамилеси.

ОМУРТКА *зат.* Адамдын жана көпчүлүк айбандардын скелетинин урчуктуу бири-бири менен туташкан негизги бөлүгү жана анын айрым сөөгү. *Омурткасы оркоюп, кабыргасы каркайган* (Жантөшев).

◆ **Ооз омуртка** — омурткanын эң башкысы, жогору жакта турганы. *Ооз омуртка тушу деп, Оң кылбас жерим ушу деп* («Эр Табылды»).

ОМУРТКАЛУУ *сын.* Омурткалары бар, омуртка түзүлүшүндөгү. *Омурткалуу жаныбарлар.*

ОМУРУЛ омур этишинин туюк мамилеси.

ОМУРУУ омур этишинин кыймыл атоочу.

ОН *сан.* 10 саны. *Он киши. Он китеп.*

ОНДАТРА *зат.* Күрөң түстө кымбат баалуу териси бар, жарым-жартылай сууда жашоочу кемирүүчү айбан жана анын териси.

ОНЖОГОЙ *сын.* Эби-сыны жок узун, куркуйган. *Онжогой куйрук күрөң ат.*

ОНЖОҢДО *этиш.* Тартайган, тартаңдаган эби-сыны жок кыймылда болуу. *Деп, ошентип Айчүрөк Онжоңдогон тору ат Оозун тартып турду эле* («Сейтек»).

ОНЖОҢДОО онжоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ОНЖОҢДОТ онжоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ОНКОЛОГ *зат. мед.* Онкология боюнча специалист — врач.

ОНКОЛОГИЯ *зат.* Шишиктерди жана аны дарылоо методдорун үйрөнүүчү медицинанын бир бөлүгү.

ОНОК *сын.* Эби жок, шыгы жок, чоркок. *Күү черте албас онокко Жазалап арак бериштп* («Мендирман»). *Султан өзү сөзгө онок киши* («Ала-Тоо»).

ОНОМАСТИКА *зат. линг.* 1. Тилдеги болгон энчилүү аттардын жыйындысы.

2. Энчилүү аттарды үйрөнүүчү тил илиминин бөлүмү.

ОНТО *этиш.* Бир жери ооруудан, кыйналуудан энтиккендей созулуңку дабыш чыгаруу. *Анда-санда онтоп, тыктык жөтөлүп Сансыз жатат* (Жантөшев).

ОНТОЛО *этиш.* Үстү-үстүнө онтоо.

ОНТОЛОО онтоло этишинин кыймыл атоочу.

ОНТОЛОТ онтоло этишинин аркылуу мамилеси.

ОНТОО онто этишинин кыймыл атоочу.

ОНТОТ онто этишинин аркылуу мамилеси.

ОНУНЧУ Ондун иреттик саны.

ОҢ I *зат.* 1. Солдун карама-каршы жагы. *Абылбек оң колунун ортону менен столду акырын гана тырсылдата ургулап койду* (Жантөшев). *Оң жагымда Жапар жатат, Сол жагымда Сулайман* (Үмөталиев). *Оң колуна кайчы алган, Сол колуна барча алган* (Тоголок Молдо).

2. Ылайык, туура, дурус, жөн, жөндүү; бузулбаган. *Теги ошончо элдин көзүнөн алыс кеткеним оң болду* (Сыдыкбеков). [*Атам*] *мен эмнени ойлосом, ошону оң көрөр эле* (Сасыкбаев). *Машина оң эле.*

◆ **Оң көзү** — абдан ишенген киши, ишеничтүү адамы. *Элемандын Төштүктүн Оң көзүнүн бири экен* («Эр Төштүк»). **Оң колу** — иштерин, жумуштарын бүтүрүүдө таянган кишиси. **Оң таппоо** — катуу тийүү, катуу зыянга учуроо. **Оң таппагандай** — бир топ, бир кыйла.

ОҢ II *этиш.* Күндүн, абанын таасири менен бир нерсенин өңү өчүү, кубаруу. *Кырк жылы сууга чыласа, Кылт этип кылы оңбогон* («Манас»). *Бурулбасын, оңбосун Гүл жүзүңөр солбосун* (Үмөталиев).

ОҢ III *этиш.* Жакшы, оңтойлуу абалга жетүү, түзүк болуп калуу; жыргап калуу. *Дүнүйөнү жайнатып, Аш-тамагын-кайнатып, Оңуп жаткан кези экен* («Эр Төштүк»).

ОҢБОГОНДОЙ *такт.* Абдан, өтө, бир кыйла. *Оңбогондой чоң. Оңбогондой кыйын.*

ОҢГУЛУКТУУ *сын.* Жакшы, оңтойлуу, ондуу. *Күн-түн да оңгулуктуу көрүнбө-*

дүм, Мурунку «жаным!..» деген курбум жашка (Маликов). *Таң атканча оңгулуктуу уктабай чыкпады беле?* («Советтик Кыргызстан»).

ОҢДО *этиш.* 1. Бир нерсенин бузук жерин түзөтүү,жөнгө салуу, эпке келтирүү. [*Айтбаев*] *шамдагайлык, эпчилдик менен машинаны оңдоп жатты* (Сасыкбаев). *Шамдын билигин оңдоп коюп, Айнысахан катка үңүлдү* (Жантөшев). *Акбар ашуунун белине түшө калып, ээрин оңдоду* (Убукеев).

2. Бузулган же начарлаган ишти жөнгө салуу, жолго коюу. *Жаңы директор уюштургуч экен, келгенден бери ишканаңы оңдоп жиберди.*

ОҢДОЛ оңдо этишинин туюк мамилеси.

ОҢДОН оңдо этишинин өздүк мамилеси.

ОҢДОО оңдо этишинин кыймыл атоочу.

ОҢДОТ оңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢДОШ оңдо этишинин кош мамилеси.

ОҢДУР оң этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢДУУ *сын.* Түзүк, дурус; ылайыктуу.

ОҢКО *зат.* 1. Калчаганда же өкчөгөндө чүкөнүн тикесинен туруп калган абалы. *Оңко оюн бузат, тентек жыйын бузат* (макал).

2. Кан сордуруу же денеге коюу үчүн пайдаланылуучу банка. *Оңко коюу. Оңко менен сары суусун тарттыруу.*

◆ **Оңкосунан түшүү** — башмалдак атып жыгылуу, башы ылдый карап түшүү. **Оңко-чоңко атуу** — башмалдак атып, ала салып кетүү.

ОҢКОГОЙ *сын.* Оңкойгон, коңкойгон. [*Көкөнү*] *колжойгон оңкогой мурун неме жүзүн үйрүп ормоңдоп опузалады* (Касымбеков).

ОҢКОЙ *этиш.* Эби-сыны жок болуп, өзгөчө колдоюп бөлүнүп туруу, коңкойгон көрүнүштө болуу. — *Кырдач мурун жар кабак, Ызырынып оңкоюп* («Эр Табылды»).

ОҢКОЛО *этиш.* 1. Башмалдак атуу, төбөсү менен сайылуу, оңкосунан түшүү. *Оңколоп далай фашист кулап жатты* (Үмөталиев). *Оңколой түшөт атканым, Ордунан турбайт чапканым* (Үмөталиев).

2. *өт.* Жакшы өсүү, дүркүрөп калың чыгуу. *Жердин сырын билген карылар, бул жерге згин тим эле оңколоп кала тургандыгын айтышты* (Байтемиров).

ОҢКОЛОО онколо этишинин кыймыл атоочу.

ОҢКОЛОТ оңколо этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢКОЧУК: оңкочук атуу — башмалдак атуу, оңкосунан кетүү, оңкосунан түшүп ала салып кетүү. *Баш менен мен оңкочук атып жаттым* (Үмөталиев).

ОҢО *этиш.* 1. Жолго коюу, кемчиликтерди жоюу. *Жаңы башкарма колхозду оңойм деген жакшы тилекте ойлонуп жатып, терең уйкуга кетет* («Чалкан»).

2. Ирдентүү, эттендирүү; турмушун, саламаттыгын ж. б. дурус абалга келтирүү, түзөө. *Баатырдын күчүн арттырып, Калыбына келтирип, Канын оңоп жеткирип* («Эр Табылды»).

ОҢОЙ *сын.* 1. Жеңил, жеңил-желпи, кыйын эмес. *Адис капканчылар үчүн жылдын бардык мезгилдерине караганда, сары сойгокто карышкыр кармоо оңой* (Каимов).

2. Бат, тез, ылдам. *Оңой менен ачуусу келүүчү эмес* (Бөкөнбаев). *Майданга бышкан көк жалдар Оңой менен жебелбес* (Элебаев).

◆ **Оңой-олтоң** — жеңил-желпи, жеңил. *Манастын уулу Семетей Оңой-олтоң эр эмес!* («Семетей»)

ОҢОЙЛО *этиш.* Оңтойлотуу, жеңилдетүү, оңой алына турган оңтойлуу абалга келтирүү.

ОҢОЙЛОО оңойло этишинин кыймыл атоочу.

ОҢОЙЛОТ оңойло этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢОЙЛУК *зат.* Аткарууга жеңилдик. *Токтогулду качыруу оңойлук боло койгон жок* (Бөкөнбаев). *Кар аттын омуроосунан келип, оңойлук менен жол бербейт* (Байтемиров).

ОҢОЛ оңо этишинин туюк мамилеси.

ОҢОО оңо этишинин кыймыл атоочу.

ОҢОШ оңо этишинин кош мамилеси.

ОҢТОЙ *зат.* Ылайыктуу абал, ыңгайлуу учур, оңдуу кырдаал. *Оңтоюма келтирип, Ооганга бүлүк бир салам* («Курманбек»).

ОҢТОЙЛО *этиш.* Оңтойлуу абалга келтирүү, ыңгайына, кырдаалына келтирүү, оңтоюна келтирүү. *Калемди Жапар оңтойлоп, Ойноктото кармады* (Маликов).

ОҢТОЙЛОН оңтойло этишинин өздүк мамилеси.

ОҢТОЙЛОО оңтойло этишинин кыймыл атоочу.

ОҢТОЙЛОТ оңтойло этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢТОЙЛУУ *сын.* Ылайыктуу, ыңгайлуу, ыңгайлуу; учуру, кырдаалы келген. *Кара-Жылга малга да, адамга да өтө оңтойлуу: жери от, отуну да кенен* («Ала-Тоо»). *Оңтойлуу абал.*

ОҢУЛДА уңулда менен бирдей.

ОҢУЛДАТ оңулда этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢУЛДАШ оңулда этишинин кош мамилеси.

ОҢУЛДОО оңулда этишинин кыймыл атоочу.

ОҢУРАЙ *этиш.* 1. Үңүрөйгөн, чоң оюп алынган көрүнүштө болуу, тешиги чоң болуп көрүнүү. *Оңурайып эле көзүнүн орду калган. Арзымат көрө калды дароо дзотту, Жапжакын оңурият жеңдей тешик* (Үмөталиев).

2. Ормоюу, жактырбай үңүрөйө караган көрүнүштө болуу. *Акия оңурая карап койду* (Сыдыкбеков).

ОҢУРАЙТ оңурай этишинин аркылуу мамилеси.

ОҢУРАНДА *этиш.* Ормондоо, одурандоо, ормон этип бир тийүү, ороилонуу. *Ордумча айтсам, оңбодуң, Оңурандап болбодуң* («Эр Төштүк»). *Ороилорго сөз айтсаң, Оңурандап тырчыктайт* (Калык).

ОҢУРАНДАШ оңуранда этишинин кош мамилеси.

ОҢУРАНДОО оңуранда этишинин кыймыл атоочу.

ОҢУУ оң этиштеринин кыймыл атоочу.

ОҢЧҮЛ *сын. саяс.* Саясий жана коомдук турмуштун алдыңкы агымына каршы; консервативдүү, реакциячыл; партиянын өз ичинде Коммунисттик партиянын саясатына каршы келген. *Оңчул партия. Оңчул көз караштагы адам. Оңчул уклон.*

ОҢЧУЛУК *зат.* Жакшылык, туура иш. *Досту кас деп жипкиртсең, Оңчулукпу кишиге?!* (Аалы).

ОҢЧУЛУКТУУ *сын.* Оңгулуктуу, түзүк, ондуу.

ОҢШОЙ *этиш.* Оңкойгон көрүнүштө болуу. *Карылыктын айынан Отурамын оңшоюп, Улуган иттей шоңшоюп* («Эр Төштүк»). *Кара сакал оңшоюп, Ак сакалын карады* («Эр Төштүк»).

ОО I *этиш.* 1. Бир жагына кыйшаюу, бир жагына карата оордук абалда болуу. [*Акбар*] *ооп түшүп калбагандай кылып куюшкандыды да,.. торуну коё берди* (Убукеев). *Жылылган оогонго кулөт* (макал).

2. Бир жактан экинчи жакка которулуу; жер которуу. *Жеринен оогонго жети жылы конуш жок* (макал). [*Карышкыр*] *бир жактан ооп келген бейм дейм* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Өтүү, багыт алуу, бурулуу. *Сөз өлкө, фронт жагына оогондо, Андрей серпилип, чыйралды* (Сасыкбаев).

◆ **Башы оогон жакка кетүү** — бет алды кете берүү, ойлогон жагына бет алуу. **Эси ооп калуу** — 1) эсинен тануу,, эч нерсе сезбей калуу; 2) абдан чарчоо; айласы кетүү, энтек-тентек болуу, айласы кетүү.

ОО II *сырд.* 1. Таң калганда, өкүнгөндө ж. б. ички сезимин билдирүүдө колдонулат. — *Оо, поезд келүүгө али көп бар экен,* — *деди* [*жүргүнчү*] (Сасыкбаев).

2. Бирөөнү чакырууда же бирөөгө кайрылууда колдонулат. — *Оо, сен кимсиң деди* (Убукеев).

ООБА *мод.* Макулдугун билдирүү, ырастоо иретинде колдонулат. — *Ооба, кагылайын.. адис неме экен го, чиркин* (Сыдыкбеков). *Ооба, айтабыз: каалабайбыз согушту!* (Нуркамал).

ООДАР *этиш.* 1. Ордунан козгоп ала салдыруу, антара коңторуу. *Заңгелдей зор ташты бат эле кашатка оодара салды* (Сыдыкбеков).

2. Ичин аңтаруу, аңтарып кароо, тинтүү. *Жеңеси ары жакта илинүү турган сумкасын оодара кетти* (Таштемиров).

3. Бирөөнү ат үстүнөн алып түшүү, эңип түшүрүү. *Атынан оодарам деп антет, минтет, Чыдабай чап далыдан алды Мамбет* (Турусбеков).

4. Ичин сыртына каратып аңтаруу. *Оодарып тиккен кемсел.*

5. Ордунан козгоп аралаштыруу, ордун алмаштырып козгоо, астын-үстүн кылып козгоо. *Эт оодарды.*

ООДАРТ оодар этишинин аркылуу мамилеси.

ООДАРУУ оодар этишинин кыймыл атоочу.

ООДАРЫЛ оодар этишинин түюк мамилеси.

ООДАРЫШ I *зат.* Эңиш, ат үстүнөн эңишүүчү улуттук оюн. *Тамаша оодарыш.. күрөштөн башталып, аягы жамбы атууга токтоду* (Жантөшев). *Оодарыш, күрөш, ат чабыш Ойноду нечен баатырлар* (Осмонкул).

ООДАРЫШ II оодар этишинин кош мамилеси.

ООДУК *зат.* Бир жагына басымдуу, бир тарабына көбүрөөк, ооруураак.

ООДУР оо II этишинин аркылуу мамилеси.

ООЗ *зат.* 1. Адамдын жана жан-жаныбарлардын тамактануучу мүчөсү. [*Мышык*] *оозун чоң ачып керилип алды* (Сыдыкбеков). *Алдында турган кесени оозуна ала коюп кайра Марусяга сунду* (Сыдыкбеков).

2. Түрдүү идиштердин же нерселердин моюн жагындагы же уч жагындагы ачыгы. *Чаргын.. чаначты, чымчып буулган оозунан.. тутамдай кармап, чайкай баштады* (Сыдыкбеков). *Чоордун оозун тазалап,.. тарта баштаганда,* [*Каныбек*] *Жуманын маңдайына отура калды* (Жантөшев).

3. Кооого, коктуга, капчыгайга ж. б. кире бериш жери; дарбаза; кире бериштеги ачык.

◆ **Ооз тийүү** — даам татуу. *Түшүңүз даам ооз тийиңиз!* (Каралаев). **Оозун жыйып алгыча** — жаңы эле сүйлөп бүтөрү менен, сүйлөп бүткөнчө. *Ал киши оозун жыйып алгыча, алачык ичи жарк этти* (Жантөшев). **Жүрөгү оозуна тыгылуу** — катуу коркуп кетүү. *Ачкычы калтырады, көзү алайып, жүрөгү оозуна тыгылды* (Жантөшев). **Кур ооз же куру ооз** — эч нерсе жебестен, тамак-аш ичпестен; тамак бербей. **Ооз кесир** — опурула, мактана сүйлөгөн сөз; опурулган курулай мактанычтык. **Ооз кесирсиз** — айтты-койду дебестен; сөзсүз. **Тил-ооздон ажыроо** — сүйлөбөй калуу. [*Итике*] *көпкө чейин тил-ооздон ажырап, эмне айтарын билбеди* (Убукеев). **Оозун таптоо** — сүйлөй турган болуп баруу, сүйлөп жибергиси келүү. *Шарип дагы бирдеме айтуучудай оозун таптап барып, ичинен күңүрөнүп тим болду* (Бейшеналиев). **Оозуна май!** — жакшы кабар айткан кишиге карата алкоо иретинде колдонулат. *Оозуна май, садага!* (Сыдыкбеков). **Оозуна таш!** — жаман кабар же жагымсыз сөз айткан кишиге карата зекүү иретинде колдонулат. **Бекер ооз** — орунсуз, көп сүйлөгөн, кеп кылып сүйлөй бергенди жакшы көргөн. *Мыскалдын ке-*

лишин бекер ооз аялдар ушундай эрмектешти (Сыдыкбеков). **Ооз көптүрүү**— мактануу, курулай менменсинүү, көтөрүлүп сүйлөө. Ооз *көптүрүп, Ойду эзрчиткен кур кыял, Ойлочу дос, Кайдан келсин көңүлгө?* (Маликов). **Ооздон оозго өтүү** — элге жайылып кетүү, биринен бирине өтүү, таркоо. **Оозу бош** — айтууга болбой турган же жалпы эле айтылган сөздөрдү ичине сактай албай айтып коюучу, ичине сыр сактай албаган. **Оозуна ээ боло албоо** — 1) тизгинин тарта албай ала качтыруу. *Акия аттардын оозуна ээ боло албай,.. бээни арабанын огу менен.. койдурду* (Сыдыкбеков). 2) өзүнөзү токтото албоо, оозуна келгенди сүйлөй берүү. **Оозу катуу** — баш бербеген, тизгин тартууга оңой менен көнбөгөн (жылкыга карата). *Оозу катуу жорго.* **Оозун коё берүү** — катуу чаап жөнөө. *Каныбек менен Темир аттарынын оозун коё берип, кандай темингендерин байкабай да калды* (Жантөшев). **Кой оозунан чөп албаган** *к.* **кой I. Оозунан алдырган бөрүдөй болуу** — даяр турган нерсесинен ажырап калуу, аңдоостон алдырып, күтпөгөн жерден колундагысынан ажырап аңкайып калуу. **Оозуна тануу (күл, кум) куйгандай болуу** — ооз ача албай, сүйлөй албай калуу, жооп кайтара албоо. **Эки оозунун бири** — кайра-кайра кайталап сүйлөй берүү, улам айта берүү. *Башкарманын өзү баш болуп эки оозунун биринде эле мени «аксакал» деп калышты* («Советтик Кыргызстан»). **Бир ооз болуу** — бирдикте болуу, бирин-бири колдоо. *Баарыңар бир ооз болгула* (Жантөшев). **Кер ооз** *к.* **кер II. Бир ооз сөз** — бир аз сөз, анча-мынча сөз. *Ашык бир ооз да сөз кошконум жок* (Байтемиров). **Бир ооздон** — бир добуштан, эч ким каршы болбостон, эч ким каршы чыкпастан. *Бир ооздон кабыл алуу.* **Ооз жүзүндө** — 1) оозеки; 2) иш жүзүндө эмес. **Ооздон түшүрбөө** — дайыма айта жүрүү. **Оз ачуу** *к.* **ач II. Ачык ооз** *к.* **ачык I. Оозун карануу** — өкүнүү, арманда калуу. *Бактысы баштан тайганда, «Аттиң» деп оозун карманат* (Осмонкул). **Оозго кирүү** *же* **оозго алынуу** — белгилүү боло баштоо, таанылуу, айтыла баштоо. *Эл оозуна кирип, көпчүлүккө таанымал болуп калышты* («Советтик Кыргызстан»). **Көр оозунда** *к.* **көр I. Чөп ооз** *к.* **чөп. Оозун куу чөп менен аарчуу** *к.* **чөп.**

ООЗАН *этиш.* 1. Кандайдыр бир сөздү айтып жиберүү, айтуу. *— Иш илгери, карыя! — деди Жапар Жутабай карыя жакындаганда андан мурун оозанып* (Баялинов). *Кагылайын Элдияр, Ант оозанган тилиңден* («Эр Табылды»).

2. Оозуна алуу, даамын көрүү, даам татуу.

ООЗАНДЫР оозант менен бирдей.

ООЗАНТ ооза́н этишинин аркылуу мамилеси.

ООЗАНУУ ооза́н этишинин кыймыл атоочу.

ООЗГУ *сын.* Сырткы, тышкы, кире беришteги. *Шекер оозгу үйгө чыгып самовар коюуга киришти* (Убукеев).

ООЗДУК *зат.* Жүгөндүн кайышына бириктирилген, жүгөндөгөндө аттын оозуна салына турган темири. *Акийма.. атынан түшүп, ооздугун ыгарып, чылбырынан кармады* (Жантөшев). *Кара болот ооздук, Көмөкөйдө карсылдап* («Манас»).

◆ **Ооздук салуу** — баш ийдирүү, багындыруу. *Какыраган жерлерге, Ооздук салып Чоң Чүйгө, Бурганыңа кубанам* (Осмонкул).

ООЗДУКТА *этиш.* 1. Ооздук салуу. *Жанына адам жолотпогон азоолорду ооздуктап минген учуру да болгон* («Чалкан»).

2. Баш ийдирүү, багындыруу, эпке келтирүү. *Оюмда бар менин да, Балам, ооздуктайын, токтогун* (Токтогул).

ООЗДУКТАЛ ооздукта этишинин туюк мамилеси.

ООЗДУКТАН ооздукта этишинин өздүк мамилеси.

ООЗДУКТОО ооздукта этишинин кыймыл атоочу.

ООЗЕКИ *сын.* Жазуу жүзүндө эмес, ооз жүзүндө, айтуу жолу менен. *Оозеки адабият. Оозеки жоопо.*

ООЗУЛ *зат.* Ооздун ичи көчүп кеткен оору (көбүнчө эмчектеги балдарда кездешет).

ООКАМ оокум менен бирдей.

ООКАС ноокас менен бирдей.

ООКАТ *зат.* 1. Тиричилик; чарбачылык. *Эми өзүңчө оокат кыл* (Аалы). *Журт оокатына кам урду* (Баялинов).

2. Тамак, тамак-аш. *Эптеп оокат жасап жиберейин* (Жантөшев). *Азыр кийинем да, кийимиңин этин балаң экөөңө оокат кыламын* (Шүкүрбеков).

ООКАТТАН *этиш.* 1. Жакшы жашай баштоо, тиричилигин оңоо, оокаттуу болуп калуу, оокаты оңолуп калуу. *Кемпир менен бала.. итабар оокаттанып калышты* (Бөкөнбаев).

2. Тамактануу. *Эс алгыла! Оокаттанып болуп, кайра киребиз* (Байтемиров).

ООКАТТАНТ оокаттан этишинин аркылуу мамилеси.

ООКАТТАНУУ оокаттан этишинин кыймыл атоочу.

ООКАТТУУ *сын.* Турмушу жакшы, жетиштүү, оокат-тиричилиги кенен. *Оокаттуу болуп элдери, Жыргатты совет жергени* (Тоголок Молдо).

ООКУМ: бир оокум — бир мезгил, учур. *Бир оокумда Жумагүлдүн атасы аттан түшүп,.. бээни жетелеп алды* (Шимеев). *Үркөр төбөдөн кыңкайып, түн бир оокум болуп калган* («Чалкан»).

ООЛА *этиш.* Бир жакка ооп кетүү. *Бул тоодон тиги тоого оолап кетти.*

ООЛАК *сын.* Алысыраак, окчун. *Аны-сы да боюн оолак качырып, жолотпой калыптыр* (Убукеев). [*Актан*] *бири-биринен оолак салынган үч көчө кыштакты айланып чыкты* (Бейшеналиев).

ООЛАКТА *этиш.* Алыстоо, ыраактоо, окчундап бөлүнүү. *Мыскал оолактап кетти*

(Сыдыкбеков). *Жакып бастырмадан оолактап, ачыкка чыкты* (Бейшеналиев).

ООЛАКТАТ оолакта этишинин аркылуу мамилеси.

ООЛАКТОО оолакта этишинин кыймыл атоочу.

ООЛАТ оола этишинин аркылуу мамилеси.

ООЛАШ оола этишинин кош мамилеси.

ООЛЖУ *этиш.* Ыргала теңселүү, келберсигендей, менменсип жай кериле ыргалгандай көрүнүштө болуу. *Жутаке оолжуй барып жастыкка чыканагын койду* (Жантөшев). *Кыялбүбү кесирдүү сөздөрүн айта оолжуду* (Жантөшев).

ООЛЖУТ оолжу этишинин аркылуу мамилеси.

ООЛЖУУ оолжу этишинин кыймыл атоочу.

ООЛУГУУ оолук этишинин кыймыл атоочу.

ООЛУК *этиш.* Жээлигүү, ээленүү, ээлигүү. *«Чүкөбай өзүнчө оолуга-оолуга басылар» деп, эсепчи кетмекчи болду* (Баялинов). *Күлбаш өзүн-өзү токтото албай оолугат* (Абдукаримов).

ООЛУКМА *сын.* Жээликме, ээленме, ээликме. *Оолукма кылат өзүңдү, Опсуз кылат сөзүңдү* (Шүкүрбеков). *Момбегим жаңы оңолуп, Оолукма кыял жоголуп* (Бөкөнбаев).

ООЛУКТУР оолук этишинин аркылуу мамилеси.

ООЛУЯ олуя менен бирдей.

ООМА *сын.* 1. Бир жагына басымдуу болгон, кыйшайган, роп, кыйшайып кете тургандай. *Жүгү бери жагына оома болуп калды.*

2. *өт.* Сөзүнө турбаган, туругу жок, зэрчиме. *Атам ашкан оома* (Жантөшев). *Айнысахан.. акылга тайкы, кыялы чукул, оома* (Жантөшев).

ООМАЛУУ *сын.* Өзгөрүп кетме, өйдө-ылдый, бирде өйдө, бирде ылдый болобере турган. *Оомалуу кезек, төкмөлүү дүнүйө* (макал). *Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө.*

ООМАТ *зат.* Ыңгайлуу, оңтойлуу жакшы убак, мезгил. *Эгин быйыл мыкты чыкты. Быйыл шалынын да ооматы келген экен* (Абдукаримов).

ООМАЧЫЛ *сын.* Ооп кетүүчү, зэрчиме, туруксуз.

ООНА *этиш.* Ала салуу, бир капталынан экинчи капталына аркасы аркылуу ала салып кетүү. *Аттар оонабасын деп, Алымдын жолдошу аттардын жанына кетти* (Баялинов). *Кычан эки досу менен баарысынан бөлүнүп көк шиберге оонап, мектебинин жанында калды* (Бейшеналиев).

ООНАЛАКТА *этиш.* Ары-бери ооноо, оонап жатуу; чабалактоо. *Бака ары-бери ооналактады* (Бейшеналиев). *[Түлкү] ооналактап, мурунку өнөрүн кайрадан салды* (Баялинов). *Акбар жатыркап, уктай албай ооналактады* (Үбукеев).

ООНАЛАКТАТ ооналакта этишинин аркылуу мамилеси.

ООНАЛАКТОО ооналакта этишинин кыймыл атоочу.

ООНАТ оона этишинин аркылуу мамилеси.

ООНОО оона этишинин кыймыл атоочу.

ООҢКУРА *этиш.* 1. Бир жагына ооп калуу, басымдык кылуу. *Жүк ооңкурап калыптыр.*

2. *өт.* Шайманы кетүү, алсыроо. *Эси ооңкурап калган.*

ООҢКУРОО ооңкура этишинин кыймыл атоочу.

ООПА *к.* **опаа.**

ООПАЗ ноопаз менен бирдей.

ООР *сын.* 1. Салмагы чоң, салмактуу. *Төөдөй балбан эч бир болбойт малдардан, Оор жүктү тарта берген чарчабай* (Осмонкул).

2. Кыйын, өтө татаал. *Согуштун оор күндөрүнүн бири эле* (Сасыкбаев). *Туут кампаниясы кой чарбасындагы оор иш.* («Коммунист»).

3. Калың, терең. *Кар оор. Күн суук* (Бөкөнбаев). *Жакында оор түшкөн кар бүгүн нымшыгандай болуп, четинен эрий баштаптыр* (Таштемиров).

◆ **Оор улутунуу** — терең, өтө катуу улутунуу. *Бечара эне көзүн сүртүндү да,.. оор улутуна үшкүрдү* (Касымбеков). **Оор түн** — карангы, тунжураган, көзгө сайса көрүнгүс түн. *Оор түн.. асман бүркөө, саат беште, Мемирепэл уйкуда жаткан кезде* (Шүкүрбеков). *Оор түндүн тынчын алып зырылдап, Аркы-терки Автомобиль чабылган* (Бөкөнбаев). **Оор басырык** — токтомдуу, салмактуу, көтөрүмдүү, токтоо. *Тойчубек ойчул, оор басырык киши эмеспи* (Баялинов). **Оор жарадар** — катуу, коркунучтуу абалдагы жарадар. *Тараска ок тийип, оор жарадар болду* (Сасыкбаев). *Поповдун жарасы оор, ок сол жаккы күң жилигин талкалап кетиптир* (Жантөшев). **Оор өнөр жайы** *жана* **оор индустрия** — өндүрүш каражаттарын иштеп чыгаруучу өнөр жай тармактарынын жыйындысы. **Оор мүнөз** — салабаттуу, салмактуу, оор басырыктуу мүнөз. **Оор тийүү** — катуу таасир этүү, катуу таасир берүү.

ООРДО *этиш.* 1. Оор болуу, салмактуу боло баштоо.

2. Кыйындоо, кыйын абалда болуу; кыйын көрүү, оор сезүү. *Тулпар жүгүн ордобойт* (макал). *Абалы оордобосо, женилдебейт* («Ала-Тоо»).

ООРДОО оордо этишинин кыймыл атоочу.

ООРДОТ оордо этишинин аркылуу мамилеси.

ООРДУК *зат.* 1. Салмак, жүктүн же башка бир нерсенин салмагы. *Оордугу беш пуд. Оор жүктүн оордугуна кенебей, Чымырканат намыстанган немедей* (Осмонов).

2. Кыйындык, кыйынчылык. *[Динарга] оордук сезилбейт* (Сыдыкбеков).

ООРСОК *сын.* 1. Эмизбей туруп саалуучу. *Обу жок катын оорсок уй саайт* (ма-

кал). *Суттү койчулар чаначка оорсок саап коёр эле* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Маанисиз, дайны жок, байланышы жок. *Оорсок сөздү биз сүйлөшүп бүткөнчө, Жыйнап бүттү, айланайын, баарысын* (Аалы).

ООРСУ оорсун менен бирдей.

ООРСУН *этиш.* Оор көрүү, кодулоо.

ООРСУНТ оорсун этишинин аркылуу мамилеси.

ООРСУНУУ оорсун этишинин кыймыл атоочу.

ООРУ I *зат.* 1. Дарт, кесел, табы жоктук. *Батмандап киргеи оору мыскалдап чыгат* (макал). *Каныбек оорусунан абдан айыга элек* (Жантөшев).

2. Сыркоо, ноокас, оорулуу. *Ооруну сураса айыкканга тете* (макал).

ООРУ II *этиш.* 1. Ооруксунуу, сыздоо, чыдатпоо. *Бүткөн бөкмдүн бардыгы кол тийгизбей.. ооруп калыптыр* (Жантөшев). *Катуу муштаса керек, дал ортом ооруп калыптыр.*

2. Дартка, кеселге кабылуу, ноокастоо, сыркоолоо. *Узак ооруду. Сасык тумоо менен ооруду.*

◆ **Боору ооруу** — бирөөгө жан тартуу, жаны ачуу, аёо. *Акмат Каныбекке боору ооруп, эчен ирет сырын сураган* (Жантөшев).

ООРУЗ нооруз менен бирдей.

ООРУК *зат.* 1. *тар.* Жалпы көч менен чогуу кете албай жакыныраак жайытка калып калган айыл.

2. Негизги алдыңкы күчтөрүнө кошулбастан кийин калтырылган бөлүктөр. *Чалгынды калмак чалабы? Оорукта Чубак калабы?* («Манас»).

3. Тыл.

ООРУКАНА *зат.* Оорулар жатуучу жана аларды дарылоочу мекеме. *Ооруканага жаткыруу. Ооруканадан чыгуу.*

ООРУКСУ *этиш.* Бир жери ооруу. *Айганыш этинин ооруксунганына.. чыдап,.. сыр билгизбей калды* (Сыдыкбеков).

ООРУКСУН ооруксу этишинин өздүк мамилеси.

ООРУКСУУ ооруксу этишинин кыймыл атоочу.

ООРУКЧАЛ *сын.* Оорулуу, **оорусунан** биротоло сакайып **кетпеген, тез-тез** ооруй бере турган, **ден соолугу начар.**

ООРУКЧАН оорукчал менен бирдей.

ООРУЛУУ *сын.* Оору, **кандайдыр бир** оорусу бар, ноокас, **сыркоо.**

ООРУТ оору этишинин аркылуу мамилеси.

ООРУУ оору этишинин кыймыл атоочу.

ООРЧУЛУК *зат.* **Кыйынчылык.** *Түгөл.. башына оорчулук түшкөндө* **куткарып калганы үчүн [Тамараны] алкыш айтты** (Бейшеналиев).

ООШ *этиш.* **Биринен бирине өтүү, алмашылуу.** *Акыл оошот, ырыс жугушат* (макал).

◆ **Оош-кыйыш — өз ара эки тараптан** болгон мамиле, **алыш-беришү, өйдө-ылдый.** *Оош-кыйыш кылып оокат кыл.*

ООШМО *сын.* Туруктуу эмес, алмашып турма, оошуп турган.

ООШТУР оош этишинин аркылуу мамилеси.

ООШУУ оош этишинин кыймыл атоочу.

ОП I *зат.* Жөн, жөндүү, орундуу мамиле, аша чаппаган, дайындуу аракет. *Обу менен иш кылбайбы. Обу жок киши. Обу жок сүйлөбө.*

ОП II: оп тартуу — ичине карай катуу дем тартуу. *Оп тартканда деми бар, Улуу белдин желиндей* («Манас»).

ОП III: оп майда — 1) темин басуу учурунда малга карата айтылуучу сөз; 2) темин бастырганда айтылуучу ыр, темин ыры. *Орой-орой, оп майда, Ороо толсун, оп майда, Кырча-кырча басканың Кырман толсун, оп майда.*

ОП IV *сырд.* Көбүнчө бир нерсени көтөрө коёрдо колдонулат.

ОПА опаа менен бирдей.

ОПАА *зат.* Туруктуулук; убадага бектик. *Опаасы жок дүйнө. Убадага опаасы жок.*

ОПААСЫЗ *сын.* Бир калыпта турбаган, туруктуу эмес өзгөргүч, убадага бек эмес. *Опаасыз дүйнө. Опаасыз дүшман.*

ОПЕРА *зат.* Театрдын сахнасында оркестрге кошулуп ырдап аткарылуучу музыкалуу драмалык чыгарма жана ушул сыяктуу чыгармаларды көрсөтүүчү театр.

ОПЕРАЛЫК *зат.* Операга таандык. *Опералык актер.*

ОПЕРАТИВДҮҮ *сын.* Тез, так аракеттүү, ылдам, таасирлүү аракетчил. *Анан баарыдан мурда, ар бир ишке бүйрө, оперативдүү болуш керек* (Жантөшев).

ОПЕРАТИВДҮҮЛҮК *зат.* Тез, так, өз учурунда аракет кылуучулук, ушундай аракет кылууга, аткарууга жөндөмдүүлүк. *Иштеги оперативдүүлүк. Жетекчинин оперативдүүлүгү.*

ОПЕРАТОР *зат.* 1. Татаал механизмдин ишин башкаруучу же белгилүү бир өндүрүштүк процесстин аткарылышына жооп берүүчү жогорку квалификациялуу жумушчу.

2. Картинасын тартуу ишин жүргүзгөн фильмди түзүүчүлөрдүн бири. *Сыягы, оператор жасалма эпизоддорду издебей, турмуштагы драматизмге жык толгон айрым учурларды өз убагында.. пленкага түшүргөн* («Советтик Кыргызстан»).

ОПЕРАЦИЯ *зат.* 1. Кээ бир ооруларды же жараларды айыктыруу максатындагы хирургиялык кийлигишүү. *Атаң аппендицит экен, операциясы эң сонун болду* (Жантөшев).

2. Бир максаттагы же бир милдетти көздөгөн согуш аракеттеринин бириккен жыйындысы. *Десанттык операция.*

3. Финансы, соода жагынан жүргүзүлгөн акча расчёттору, келишим ж. б. иштер.

ОПКОК *сын.* 1. Соргок, тамаксоо, оңой менен тамакка тойбогон. *Мергендин көзү милтеде, Опкоктун көзү күлчөдө* (Токтогул).

2. Аш болуму аз, кубаттуулугу төмөн. *Жарма опкок келет.*

ОПКОЛЖУ *этиш.* Жүрөксүнүү, коркуу пайда болуу. *Аскага чыгуу оңой эмес, жүрөк опколжуп, муун калтырайт* (Абдумомунов).

ОПКОЛЖУТ опколжу этишинин аркылуу мамилеси.

ОПКОЛЖУУ опколжу этишинин кыймыл атоочу.

ОПО *зат.* Жакшылык, пайда. *Адал эмгек, ак ниет, Э, балам, опо берет адамга* (Сыдыкбеков).

ОПОЙ *этиш.* Дүмпүйгөнсүп ыксыз көрүнүү; калың болуу. *Эки эркектин ортосунда опоюп кысыла келе жатат* (Сыдыкбеков). *Түндө кымкарлап жааган кар опоюп калың түшүп калган экен* (Убукеев).

ОПОЙТ опой этишинин аркылуу мамилеси.

ОППОЗИЦИЯ *зат. саяс.* 1. Каршы чыгуучулук, каршы болуучулук; өз көз карашын, өз саясатын башка көз карашка же башка саясатка каршы коюучулук.

2. Кандайдыр бир партиянын, коомдун ж. б. ичинде анын көпчүлүгүнө каршы чыгуу саясатын жүргүзгөн топ.

ОППОРТУНИЗМ *зат.* Пролетариаттын таптык таламдарын буржуазиянын таламдарына багындырып, буржуазия менен келишүүчүлүккө, кызматташууга үгүттөөчү, күрөштүн революциячыл жолдорунан баш тарткан жумушчу кыймылындагы жана пролетардык партиялардын ичиндеги, марксизм-ленинизмге кас агым.

ОППОРТУНИСТ *зат.* Оппортунизмди жактоочу; оппортунизм саясатын жүргүзүүчү.

ОППОРТУНИСТТИК *зат.* Оппортунизмге, оппортунистке таандык.

ОПСУЗ *сын.* 1. Обу жок, чектен ашкан, дайны жок, жөнү жок, ыгы жок. *Опсуз баатыр жоого түшөт* (макал). *Опсуз эркелик. Опсуз кылык.*

2. Аябай, өтө эле, эң эле, абдан, болжолсуз. *Сарай кең, опсуз узун* (Сыдыкбеков). *Опсуз балбан Ороккыр, Ал чыгарды миң мерген* («Манас»).

ОПТИКА *зат.* 1. Жарык, анын касиеттери жана закондору жөнүндөгү физиканын бөлүгү.

2. Жарыктын сынышы жана чагылышына негизделген приборлор жана инструменттер.

ОПТИКАЛЫК *зат.* Оптикага таандык.

ОПТИМИЗМ *зат.* Айланадагы болмушка, келечекке ишенимдүү шайыр, шаттуу көз караш, сезим. *Сюита угуучунун көңүлүн көтөрүп, оптимизм менен аяктайт* («Ленинчил жаш»).

ОПТИМИСТ *зат.* Оптимизмге берилген, ошол көз караштa болгон киши.

ОПТОН *этиш.* Оюндагысын жасоо; экиленүү, чектен ашуу. *Оптонбой шүк жүрсөңчү.*

ОПТУУ *сын.* Орундуу, жөндүү; ыктуу.

ОПУЗ I *зат. сүйл.* Конфискациялоо же башка максаттарда үй мүлкүн каттаган тизме; конфискация. *Мал-мүлкүн опуз кылып каттап кетти.*

ОПУЗ II *зат. сүйл.* Бир нерсени издөө максатында тинтүү.

ОПУЗ III опуза менен бирдей.

ОПУЗА *зат.* Коркутуу, чочутуу, сезин алуу максатындагы аракет.

ОПУЗАЛА *этиш.* Опуза кылуу, калп эле коркутуу, опузага алуу. *Канайды атасы урчу да эмес, бирок кээде тентектигин жоюу үчүн опузалап койчу* (Таштемиров).

ОПУЗАЛАШ опузала этишинин кош мамилеси.

ОПУЗАЛОО опузала этишинин кыймыл атоочу.

ОПУЗДА *этиш. сүйл.* Опуз кылуу, опуз жүргүзүү; конфискациялоо. *Акты жазып опуздап* (Осмонкул). *Мал-мүлкүн опуздады.*

ОПУЛДА *этиш.* Ач көздүк кылуу, жутунуу.

ОПУЛДОО опулда этишинин кыймыл атоочу .

ОПУР I: опур, топур — баскан-тургандар көп тополоң, бири кирип, бири чыккан баш аламандык. [*Поезд келгенде*] *жүргүнчүлөр опур-топур боло түштү* (Сасыкбаев). *Жапыз тамдын эшигинен.. опур-топур көбөйдү* (Сасыкбаев).

ОПУР II *этиш.* 1. Упурата чоң омуруу, келки-келки кылып урата бузуу, томкоро бөлүү. *Дубалды бир чекесинен опуруп киришти.*

2. Опурандап опузалоо; калпты-чынды койгулатып көөдөктөнүү. *Опуруп-жапырып сүйлөө.*

ОПУРАҢДА *этиш.* Опурулуу, опузалоо. *Жоп сурасам опураңдап тилдейсиң, Оройлонуп оолугасың жиндейсиң* (Калык).

ОПУРАҢДАТ опураңда этишинин аркылуу мамилеси.

ОПУРАҢДОО опураңда этишинин кыймыл атоочу.

ОПУРТАЛДУУ *сын.* 1. Коркунучтуу, окус болуп кетүү коркунучу бар. *Малды ашуудан ашырып алып келүү жоопту да, анын үстүнө опурталдуу да иш* (Убукеев).

2. Абдан ишенимдүү эмес, булт берме, кексе. *Опурталдуу киши.*

ОПУРУЛ *этиш.* Опурандоо, опузалап көөдөктөнө атырылуу, оозун көптүрө сүйлөө. *Опурулуп сүйлөгөн киши.*

ОПУРУЛУУ опурул этишинин кыймыл атоочу.

ОР I *зат.* 1. Зындан. *Кырк аркан салса бойлогус, Кыйын чуңкур орум бар* («Эр Төштүк»).

2. Казылган чуңкур; ороо. *Түшүп калдың — Казылган орго* (Тоголок Молдо). *Түшүрүп сени ийүүгө, Ор камдады деп уктум, Төштүк* («Эр Төштүк»).

◆ **Ор казуу** — бирөөгө жамандык кылуу, жамандык тилөө.

ОР II *этиш.* Чөптү, куурайды, эгинди ж. б. орок менен түбүнөн кыркып алуу, машина менен чаап алуу. *Баштагыдай буудайды Кол орок менен орбойбуз*

(Осмонкул). *Үч сугарып, үч оргон Беде сонун турбайбы?* (Барпы). *Аңызга бир баш калтырбай, Оргонун айтсак болбойбу?* (Токтогул).

◆ **Ооз менен орок оруу** — дайынсыз сөздөрдү сүйлөө, тантыроо, ооз жүзүндө ишти бүтүрө берүү.

ОРАТОР *зат.* Көпчүлүктүн астында чыгып сүйлөгөн сөзгө уста киши.

ОРБИТА *зат.* Асман телосунун айлануу жолу. *Марстын орбитасы. Жер шарынын орбитасы.*

ОРГАН I *зат.* 1. Белгилүү бир функцияны аткаруучу жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн организминин бир бөлүгү. *Сезүү органдары. Үгүү органы.*

2. *өт.* Курал, каражат. *Басма сөз — массаны коммунисттик тарбиялоонун кубаттуу органы.*

3. Коомдук турмуштун ар кандай тармактарында белгилүү бир ишти аткаруучу мекеме же уюм. *Саламаттык сактоо органдары. Финансы органдары.*

4. Кандайдыр бир партияга, бирикмеге, мекемеге таандык болуп, анын көз караштарын жана иштерин көрсөтүп туруучу журнал, газета ж.б. «*Правда*» *газетасы Советтер Союзунун Коммунистик партиясынын Борбордук Комитетинин органы.*

ОРГАН II *зат.* Үйлөмө клавиштүү чоң музыкалык инструмент.

ОРГАНИЗМ *зат.* Бардык тирүү жандык жана өсүмдүктөр. *Жөнөкөй организм. Жаныбарлар организми. Өсүмдүктөр организми.*

ОРГОК *зат. диал.* Орок.

ОРГУ I оргу, баргы — аламаныраак, өйдө-ылдый, ороораак. *Оргу-баргы көрүнөт, Ойлонуп көрсөң мүнөзүң* (Осмонкул). *Оргу-баргы сүйлөбөйт, Орундуу болот азамат* (Токтогул).

ОРГУ II *этиш.* 1. Атылып чыгуу; оргуштоо (мис., суу, булак ж. б.). *Суусуз какыралардан булак оргуп,.. топоракка гана эмес таш үстүнө гүлдөр өстү* (Жантөшев). *Ар жеринде оргуп агат ысык суу* (Осмонкул).

2. Уюлгуу, уюлгуп көтөрүлүү. *Түбөнгөн тоонун урчукта, Дүмүрөйгөн тумшукта, Оргуп туман бөлүнөт* («Манас»). *Тетиги түздө оргуган — Трактордун түтүнү!* (Турусбеков).

ОРГУТ оргу этишинин аркылуу мамилеси.

ОРГУУ оргу этишинин кыймыл атоочу.

ОРГУШТА *этиш.* 1. Атылып, оргуп чыгуу, атырыла оргуу. *Алдастап мөңкүп оргуштап, Сай жайпап суулар киргенде* (Бөкөнбаев).

2. Уюлгуп, катуу көтөрүлүү (мис., түтүн, чаң ж. б.). *Эми да бар эртели-кеч карасаң, Ошондогу оргуштаган түтүнүм* (Калык).

ОРГУШТАН оргушта этишинин өздүк мамилеси.

ОРГУШТАТ оргушта этишинин аркылуу мамилеси.

ОРГУШТОО оргушта этишинин кыймыл атоочу.

ОРДЕН I *зат.* Сыйлыгын эмгеги жана согушта көрсөткөн баатырдыгы үчүн берилүүчү өзгөчөлүк белгиси. *Ленин ордени. «Ардак белгиси» ордени.*

ОРДЕН II *зат.* 1. *тар.* Орто кылымдарда Батыш Европадагы монахтар же рыцарлардын белгилүү уставы бар уюму. *Иезуиттер ордени; Ливон ордени.*

2. Айрым жашырын коомдор же бирикмелердин аты. *Масондор ордени.*

ОРДЕНДҮҮ *сын.* Ордени бар, орден менен сыйланган. *Ордендүү жылкычы. Ордендүү мугалим. Эки ордендүү Кыргызстан.*

ОРДЕР *зат.* Бир нерсени алууга берилген документ же кат жүзүндөгү буйрук; кандайдыр бир нерсени берүү же алуу документи. — *Ананайын, сен ордерлерин ди бухгалтерге алып бар* (Таштемиров). *Ордерге толгон пул алып, Эпкиндүү Сырга карк болду* (Осмонкул).

ОРДО *зат.* 1. *тар.* Хан турган жай, хандын сарайы, хандын үйү; феодалдын жасалгаланган үйү.

2. Жасалгалуу, асемдүү жакшы боз үй.

3. Айланта сызылган сызыктын борборуна үч чүкөдөн бир оюн кылып чүкө салып, эки жаат болуп абалак же томпой менен атып, чертип ойноочу улуттук оюн. [*Журтбек*] *тогуз коргоол, упай, ордо, көкбөрү өңдүү оюнга... шыктуу жигит* (Бейшеналиев).

4. *өт.* Уютку, уюк, борбор, көп болуп топтолушкан жер, көп болуп топтолушкан, кыжы-кыйма болгон топ.

ОРДОЛУУ *сын.* 1. Ордосу бар, хан ордосу орношкон. *Ордолуу Букар шаарында* («Семетей»).

2. Түптүү, кеңири тамырлаган, уруктуугандуу, кубаттуу. *Ордолуу кыргыз чогулса, Оюн салып жүрчү эле* (Осмонкул). *Ордолуу журтка катылып, Чечтирмек болдуң тонумду!* («Манас»).

ОРДОЧУ *зат.* Ордону жакшы ойногон киши; ордо оюнуна катышкан киши. *Кеч жакындаган сайын ордочулардын кыйкырыктары катуулап чыкты* (Убукеев).

ОРДУР ор этишинин аркылуу мамилеси.

ОРИГИНАЛ *зат.* Кол жазманын же башка бир нерсенин түп нускасы. *Макаланын оригиналы. Портреттин оригиналы.*

ОРИГИНАЛДУУ *сын.* 1. Башкаларга окшош эмес, башкаларды туурабаган; өз алдынча өзгөчөлүгү бар, айырмалуу.

2. Өз алдынча чыгармачылык иштин натыйжасында түзүлгөн; башкалардан алынган эмес, котормо эмес. *Оригиналдык окуу китептери.*

ОРИГИНАЛДЫК оригиналдуу менен бирдей.

ОРКЕСТР *зат. муз.* Музыкалык чыгармаларды аткарууда катышкан музыкалык инструменттердин жыйындысы жана ар түрдүүмузыкалык инструмент-

тер менен музыкалык чыгарманы аткарууга биргелешип катышуучу музыканттар коллективи. *Симфониялык оркестр, Эл инструменттеринин оркестри.*

ОРКОЙ *сын.* Оркойгон, оркоюп чыгып турган. *Жер жарылып таң атып, Оркогой тоонун баш-башы, Адамга даана көрүнүп* («Сейтек»).

ОРКОЙ *этиш.* Короюп көрүнүп туруу, уркуюп бөлүнүп чыгып туруу. [*Тагай*] *узун бойлуу, кокосу оркойгон, чап жаак кара жигит* (Жантөшев).

ОРКОЙТ **оркой** этишинин аркылуу мамилеси.

ОРКОЮУ **оркой** этишинин кыймыл атоочу.

ОРМОЙ *этиш.* Мурундуу, мурду коңкоюбураак келген кебетеде тандана олуттуу кароо. *Калыгул Алымкулга ормоё карады* (Абдукаримов).

ОРМОЙТ **ормой** этишинин аркылуу мамилеси.

ОРМОКОЙ *сын.* Ормойгон.

ОРМОҢ *зат.* Токой. *Тоо жыгачтуу жер болгон, Токой, ормон, чер болгон* («Манас»).

ОРМОҢДО *этиш.* Ормойгон кебетеде олуранадоо, оройлонуу. [*Көкөнү*] *колжойгон оңкогой мурун неме жүзүн үйрүп ормоңдоп опузалады* (Касымбеков).

ОРМОҢДОО **ормоңдо** этишинин кыймыл атоочу.

ОРМОҢДОТ **ормоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

ОРМОЮУ **ормой** этишинин кыймыл атоочу.

ОРНАМЕНТ *зат.* Көчөтү бир нерсенин бетине кооздолуп түшүрүлгөн оюу-чийүү, кооздук. *Элдик орнамент.*

ОРНО *этиш.* 1. Бекүү, жерге кагылган, сайылган ж. б. абалда туруу, орунтуктоо. *Көчө түшүп, Сым карагай орногон, Станциясы суу кубатын болжогон* (Маликов).

2. Орун алуу, курулуу, жай алуу. *Кыштактар жаңы орноду, Кызыл нур шамдар жагылып* (Бөкөнбаев).

ОРНОО **орно** этишинин кыймыл атоочу.

ОРНОТ **орно** этишинин аркылуу мамилеси

ОРНОШ *этиш.* Кандайдыр бир кызматка, орунга жайгашуу, белгилүү бир жайдан орун алуу. *Кызматка орношту. Интернатка орношту.*

ОРНОШТУР **орнош** этишинин аркылуу мамилеси.

ОРНОШУУ **орнош** этишинин кыймыл атоочу.

ОРО I **ороо I** менен бирдей.

ОРО II *этиш.* Чулгай чалуу, чулгоо. *Жибектен кылган суп аркан Он эки ороп бүктөду* («Манас»).

ОРОЗО *зат.* Мусулман дининдегилердин кудайга сыйынуу иретинде отуз күнү күндүзү тамак ичпөө тартиби. *Отуз күндүк орозо Олжо берет молдого* (Барпы). *Орозодо көчкөн эрмек* (макал).

ОРОЙ I *зат.* 1. Бет, жүз. *Ороюн көргөн чочуган, Ойрон Кошой дагы бар* («Манас»).

2. Ырай, үрөй, түр. *Күндүк орою жаман.*

◆ **Орой көзү чарай** — көзмө-көз турганда, элдин көзүнчө, эл алдында. *Орой көз чарай турганда чын-чынына келишелиби* (Жантөшев). *Орой көз чарай турганда Уккула менин сөзүмдү!* («Мендирман»).

ОРОЙ II *сын.* 1. Одоно, олдоксон; корс. *Эмне үчүн орой мамиле кыласың?* (Жантөшев). *Ар кайсыны бир айтып, Сөзү орой, оозу шок* (Тоголок Молдо).

ОРОЙ III: орой чоку *же* **орой төбө** — дал төбө, как чоку. *Орой чоку баш ооруйт* («Манас»).

ОРОЙ IV: көк орой чалгын *к.* **чалгын II.**

ОРОЙЛУК *зат.* Одонолук, олдоксондук, орой мамиле. *Оройлук белги болушта, Окуунун кени оруста* (Токтогул).

ОРОК *зат.* 1. Дан эгиндерин, чөп, куурай оруу үчүн колдонулуучу темири көбүнчө жарым ай сыяктанып, иймегирээк жасалган сабы бар эмгек куралы. *Ударник экен дедиртип, Экөөбүз орок оролу* (Осмонкул). *Оро албаган орок тандайт* (макал).

2. Эгинди оруу-жыюу процесси. *Өзүңүз билесиз го азыр орок маалы келип калды* (Абдукаримов).

ОРОКЧУ *зат.* Орок оргон киши.

ОРОЛ I *зат.* Оңтой, ыңтай, оңтойлуу учур.

ОРОЛ II **оро** этишинин туюк мамилеси.

ОРОЛУУ *сын.* Оролгон, чулганган. *Оролуу жаткан баланын ымыркай бети көрүнөт* (Байтемиров).

ОРОМ *зат.* Кандайдыр бир нерсени ороого, орой чалууга жете турган бир түрмөк. *Талаадан табылса, бир ором жип да олжо* (макал).

ОРОМО *зат. диал.* Үстү таардан, ичи кийизден жасалган ат жабуу.

ОРОМОЛ *зат.* Жоолук. *Алым белиндеги оромолун чечип, үчү менен терин сүртүнө кетти* (Жантөшев).

◆ **Дас оромол** *к.* **дас.**

ОРОМПОЙ *зат.* Бир бут менен секирип ойнолуучу оюн. *Шабиет оюн, оромпой Болуп турган кезинде* («Манас»).

ОРОҢ **оро** этишинин өздүк мамилеси.

ОРОҢДО *этиш.* Оңурандоо, тумшугу менен бир тийүү. *Ороңдобо, кичи пейилдик менен мамиле кыл* (Жантөшев).

ОРОҢДОО **ороңдо** этишинин кыймыл атоочу.

ОРОҢДОТ **ороңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

ОРОҢДОШ **ороңдо** этишинин кош мамиле си.

ОРООІ *зат.* Көбүнчө эгин сактоо үчүн казылган чуңкур.

ОРОО II *зат.* Баланы ороп-чулгоого колдонула турган ар кандай материал. *Баласынын ороосун жайып турган Жийдегүл* (Сасыкбаев).

ОРОО III **оро** этишинин кыймыл атоочу.

ОРОПАРА *такт.* Бет маңдай, каршы тушу. [*Харитонов*] *ышкырыгын.. оропарадагы көмүр вагонунан ашыра ыргытты* (Абдукаримов). *Көп деле убакыт өткөн*

жок, тооктордун алды оропарага келип калышты (Касымбеков).

ОРОТ оро этишинин аркылуу мамилеси.

ОРОШ оро этишинин кош мамилеси.

ОРОШОН *зат.* Баарыга маалым, белгилүү, артыкча, бөтөнчө. *Ок өтпөс темир тону бар, Орошон күлүк аты бар* («Эр Табылды»).

ОРСОГОЙ *сын.* Орсойгон, орсок.

ОРСОЙ *этиш.* Оркоюп, башкаларынан өзгөчөлөнүп туруу.

ОРСОЙТ орсой этишинин аркылуу мамилеси.

ОРСОК *сын.* Орсойгон, оркогой, орсоюп чыгып турган (тишке карата). *Ызакулдун мурутунун астынан орсок тиштери жарк этти* (Бейшеналиев). *Орсок тиш, көсөө абышка оңдонуп отурду* (Баялинов).

ОРСОҢ: орсоң-орсоң этүү — орсок-орсок этип сүйлөө. *Асан сүйлөгөндө тиши орсоң-орсоң этип көрүнүп турду.*

ОРСОҢДО *этиш.* Арсаңдоо, күлгөнүндө, сүйлөгөнүндө ж. б. орсоң тиштүү кишинин кебетесине окшоо.

ОРСОҢДОО орсоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ОРСОҢДОТ орсоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ОРСОҢДОШ орсоңдо этишинин кош мамилеси.

ОРТО *зат.* **1.** Эки четинен алганда борборго жакын турган тең аралык, орун, борбор чени, эки нерсенин арасы. *Бир топ кыздардын ортосунда малдаш урунуп Тарас да олтурду* (Сасыкбаев). *Мектеп кыштактын ортосунда. Эки шаардын ортосу.*

2. Мезгилдин башталышы менен аякталышынын ортолугундагы убакыт. *Кыш ортосу. Түн ортосу.*

3. Ар кандай белгилери, өзгөчөлүгү ж. б. жагынан абдан жогору да эмес, абдан төмөн да эмес, чоң да эмес, кичине да эмес, жакшы да эмес, жаман да эмес ж. б.

4. *сүйл.* Бардыгына таандык, жалпы; көпчүлүк, колхоз. *Өгүз, атты кошмок болдум ортого, «Айткан эле чарба малдан берели»* (Аалы). *Ортонун малын коротпой, Орундалды ойдогум* (Осмонкул).

◆ **Ортого алуу** — жалпы бардыгы кыстоого алуу, чогуу болушуп сөзгө алуу. **Ортого салуу** — 1) бар болгонун тең бөлүшүү, тең көрүү; 2) бардык болгон ишти ачык сүйлөшүү, жашырбай ачык айтуу, жалпы көпчүлүккө коюу. **Орто заар** *к.* **заар III. Орто мектеп** — он жылдык же он бир жылдык мектеп. **Орто дыйкан** *к.* **дыйкан.**

ОРТОК *зат.* **1.** Шерик, жолдош, дос, үлүш. *Күндүзгү аштын ортогу көп* (макал).

2. Баарына тең, бирдей жалпыга тиешелүү. *Кара кылды как жарып, Орток аштык айдайлык* («Манас»). *Чечендин сөзү орток, чебердин колу орток* (макал).

ОРТОКТОШ I *сын.* Шериктеш, үлүштөш; бирге бөлүшкөн, тең орток. — *Болуптур. Жакшы тилегиңизге ортоктошмун* (Бейшеналиев).

ОРТОКТОШ II *этиш.* Орток болуу, кандайдыр бир ишке орток болуп катышуу, шериктешүү, тең орток болуу. *Ортоктошуп эгин айдоо.*

ОРТОКТОШУУ ортоктош этишинин кыймыл атоочу.

ОРТОЛО *этиш.* Теңине чейин жетүү, капортосуна чейин келүү. *Сеитова, кең коридорду ортолоп өткөн соң, чоң энени оң жактагы эшикке карай баштады* (Сыдыкбеков).

ОРТОЛОТ ортоло этишинин аркылуу мамилеси.

ОРТОЛОШ *этиш.* Жалпы ортого түшүү. жалпыга орток болуу. *Ортолошкон мал.*

ОРТОЛОШТУР ортолош этишинин аркылуу мамилеси.

ОРТОЛОШУУ ортолош этишинин кыймыл атоочу.

ОРТОЛУК *сын.* Көпчүлүккө таандык, жалпы элге таандык. *Жыйырма жыл болду колхоздун Ортолук коюн кайтардым* (Осмонкул).

ОРТОН *зат.* Сөөмөй менен аты жоктун арасындагы манча. *Абылбек оң колунун ортону менен столду акырын гана тырсылдата ургулап койду* (Жантөшев).

◆ **Ортон колдой** — мыкты, эң сонун, ирдүү. **Эр ортону** *к.* **эр.**

ОРТОНЧУ *сын.* Улуусу менен кичүүсүнүн ортосундагы. *Ортончу баласы. Ортончу кызы.*

ОРТОҢКУ *сын.* Ортодогу, эки нерсенин аралыгындагы. *Ортоңку көчөсү бөтөнчө көркөм* (Сыдыкбеков). *Кыздар ортоңку кең көчөгө өтүштү* (Сыдыкбеков).

ОРТОЧО *такт.* Орто, өтө чоң эмес, өтө кичине эмес. *Орточо болсоң баарынан ошол озот* (макал). [*Алтынайдын*] *орточо гана тегерек көзү карагаттай* (Жантөшев).

ОРТОЧУ *зат.* Арачы. *Орточу болуп Сүйүмбай Убадасын такыды* (Калык).

ОРУЛ ор этишинин туюк мамилеси.

ОРУМ *зат.* Оруп, чаап алууга жеткен учур. *Беденин баш орумү. Орто орум. Аяк орум.*

ОРУН *зат.* **1.** Бир нерсени коё турган, отура турган ж. б. жай. *Тиги кишиге ушул арадан орун беришсек кантет* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кызмат, ээлеп турган кызматы, кызмат абалы. *Ордунан алынды. Ордуна жаңы киши дайындалды.*

◆ **Орду жок** — жөнү жок, ылайыгы жок, дайынсыз. *Орду жок сүйлөө. Орду жок сөз.* **Орун алуу** — 1) орунтуктоо, орунтук алуу, жайгашуу; 2) бар болуу. *Орун алган кемчиликтер.* **Ордунан чыгуу** — тилегендей болуу, орундалуу, жөндүү болуу, оң болуу.

ОРУНДА *этиш.* Аткаруу, ишти иш жүзүнө ашыруу. *Азамат эрдин жакшысы—Айткан сөздү орундайт* (Осмонкул).

ОРУНДАЛ орунда этишинин туюк мамилеси.

ОРУНДАТ орунда этишинин аркылуу мамилеси.

ОРУНДОО орунда этишинин кыймыл атоочу.

ОРУНТУК *зат.* Аркасында жөлөнгүчү бар же жөлөнгүчү жок киши отурууга ылайыкталган отургуч, табуретка, стул. [*Зарыл менен Мыскал*] *столдун жанындагы орунтукта олтурушту* (Сыдыкбеков).

ОРУНДУУ *сын.* Жөндүү, жөнү бар, ылайыктуу. *Оргу-баргы сүйлөбөй, Орундуу болот азамат* (Токтогул). *Бала да болсо Сакадайдын бул сөзү орундуу болду* (Жантөшев).

ОРУНСУЗ *сын.* Жөнү жок, ылайыксыз, дайынсыз.

ОРУНТУК *зат.* Жай алган жер, орун алып жайгашкан жай, орун. *Орунтук алуу.*

ОРУНТУКТА *этиш.* Орунтук алуу, жайгашуу, белгилүү бир жерге жайгашуу, турук алуу.

ОРУНТУКТАТ орунтукта этишинин аркылуу мамилеси.

ОРУНТУКТОО орунтукта этишинин кыймыл атоочу.

ОРУНТУКТУУ *сын.* Туруктуу, жайлуу, бекем орун алган. *Орунтуктуу эр болуп, Он эки мүчө тең болуп* («Манас»).

ОРУУ ор этишинин кыймыл атоочу.

ОРУШ ор этишинин кош мамилеси.

ОРФОГРАФИЯ *зат.* Тилдеги жазуу эрежелеринин жыйындысы.

ОРФОЭПИЯ *зат. линг.* Сөздү адабий үлгүдө жана так айтуу эрежелеринин системасы.

ОРЧУН *зат.* Чоң, ири. *Орундалып — Улуу тилек орчуну Далай, далай элес келип көзүмө* (Турусбеков). *Ал талаага эмгекчил, Орноткон орчун курулуш* (Турусбеков).

ОРЧУНДУУ *сын.* Олуттуу, чоң, негиздүү. *Тенти Кычанга орчундуу маселелерди айтты* (Бейшеналиев).

ОСМО *зат.* Козу кулактын жалбырагына окшош жапыз өскөн өсүмдүк жана аның жалбырагын эзүү жолу менен алынган кочкул жашыл түстөгү каш боёчу суюктук. [*Уруя*] *осмо коюлган кашын серпип, алтын каптаткан тишин жаркылдатып көрсөтөт* (Бейшеналиев).

ОСОЛ *сын.* Орой, одоно, чеки, уят, ылдый. *Осол сөз. Осол иш.*

ОСОЛДУК *зат.* Оройлук, одонолук, чекилик. *Динар.. азыркы иштеген осолдугу үчүн кайра өзү уялды* (Сыдыкбеков).

ОСУЯТ *зат.* Айтылып калтырылган акыл, насыят. *Улуу чоң ата Ленин «Оку, оку жана оку» —деп, осуят айткан* (Сыдыкбеков). *Сен да таенеңдин осуятын унутпа* (Аалы).

ОТ I *зат.* 1. Тутанып күйүп турган таз, жалын. *Малды жайгаштырып коюп, [малчылар] бардыгы от, жагылган ыктоону жамаалады* (Убукеев). *Кочегарлар бөлүмүнөн алоолонгон от, жалын көрүндү* (Сасыкбаев). *Кызартып көлкүлдөтүп отко салып, Чоюнду саймалантып жатат курап* (Бөкөнбаев).

2. Жарык берүүчү приборлордун нуру, жылтылдаган жарык. *Арак гана лампочкадан Бүлбүлдөгөн от жанат* (Бөкөнбаев).

◆ **От алдыруу** — моторду иштетүү. **Жүрөгүндө оту бар** — курч, эр жүрөк, жалтанбас, тайманбаган. **Арасына от жагуу** — арасын бөлүү, өз ара мамилесин бузуу, бирин-бирине жаман көргөзүү. **От менен жалын** — абдан сыуу, дене абдан ысып кетүү. **Баш оту менен** — биротоло, башы бойдон, бүт бойдон. **Дайын оту жок** — дайынсыз, даректиз, ыңжыңсыз. **Оту күйүшпөө** — мамилеси туура келбөө ,бирге тура албоо, ыркы келишпөө. **Отко кийирүү** — жаңы келген келинди күйөөнүн туугандарын үйүнө чакырып, эшик-төрүн көрсөтүү.

ОТ II *зат.* 1. Жашаң чөп, чөп. [*Кычан кунанды*] *от жерге аргамжылап коюп, үйларды жөө тосмолойт* (Бейшеналиев). *Отко коюу.*

2. Жылкынын айрым үйүрү. *От-оту менен жылкы чоң ашуунун аркы түбүн шыкап чыгып келди* (Убукеев). *Ошо күндө келбесе, От-оту менен жылкыңды Оюм менен тиемин* («Курманбек»).

◆ **Отко коюу** — оттотууга коё берүү; чөпкө коюу. *Атты чыгарып отко коё бер! — деди Жылдыз* (Жантөшев).

ОТ III: алакандын оту — алакандын ортосу. **Алакандын отундай** — кичинекей. *Алакандын отундай жерге таруу айдаган.* **Беттин оту** — беттин ортосундагы кызыл тартып нурданып турган жери, беттин ортосу. [*Настендин*] *эки бетинин оту тамылжып албырууда болду* (Убукеев).

ОТКРЫТКА *зат.* Атайын ачык кат үчүн жасалган почта карточкасы.

ОТЛИЧНИК *зат.* 1. Бардык негизги сабактарынан эң жакшы баа алган окуучу. *Жетинчи класстын отличниктери.*

2. Эң жакшы иштеген адамдар. *Өндүрүштүн отличниктери.*

ОТО *этиш.* 1. Эгиндин, жашылчалардын ж. б. арасындагы отоо чөптөрдү чаап же жулуп, тазалап салуу. *Эгин отоп жаткан аялдар.. анда-санда.. созолонтуп ырдап коёт* (Элебаев). *Күлбөс кыз эч нерседен кабары жок, Бир күнү, эң кеч кайткан, кызылча отоп* (Осмонов).

2. *өт.* Жок кылуу. *Канатым карып, күтүрүгүм, Отоп-бутап жеп болдум* («Сейтек»).

ОТОГУЧ *зат.* Отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн колдонулуучу калак сыяктуу курал, саңса, чаңжы. *Отогучуңду анчалык ойсоңдотпо апийимдин тамырын кыркып саласың* («Ала-Тоо»).

ОТОО I *зат.* 1. Малчылардын жайлоого чыкканда ала жүрүүчү чаканыраак боз үйү. *Буудайбектин отоого Алтымыш арап сыйыптыр* («Манас»).

2. Жаңыдан келген келинге тигилип берилүүчү кичинекей боз үй, өргөө, жеңил үйлөр. *Катарындагы жумурткадай отоо кызыныкы* (Сыдыкбеков). *Керилген сулуу Кишимжан Тетиги көтөргөн отоо*

үйдө деп («Олжобай менен Кишимжан»).

ОТОО II *зат.* Дан эгиндерин, жашылчаларды ж. б. зыяндуу чөптөрдөн арылтуу жумушу.

ОТОО III ото этишинин кыймыл атоочу.

ОТОР *зат.* 1. Кар аз жаай турган алыскы кышкы жайыт.

2. *эс.* Алыс жак, алыскы өлкөлөр.

3. *эс.* Колония.

4. Бир короо кой-эчки, койдун өзүнчө бөлүнгөн тобу. *Тээ тетиги көрүнгөн айыл биздин колхоздун малчыларынын оторлору* (Токобаев).

◆ **Отор-отор оюнчук** — ойлонбой иштелген иш.

ОТОРЛО *этиш.* 1. Оторго (1-маанисинде) кетүү.

2. *эс.* Алыс жакка, алыскы өлкөлөргө кетүү.

3. *эс.* Колонияга кетүү.

ОТОРЛОО оторло этишинин кыймыл атоочу.

ОТОРЛОТ оторло этишинин аркылуу мамилеси.

ОТОРЧУ *зат.* Айылдан бөлүнүп, мал багуу үчүн көчүп жөргөн малчы.

ОТПУСК отпуска менен бирдей.

ОТПУСКА *зат.* Эс алууга, дарылануу-га ж. б. белгилүү убакытка чейин иштен бошонуу. *Таанышканда Айткан мага,Отпускага келдим деп* (Нуркамал).

ОТРЯД *зат.* 1. Атайын аскер бөлүгү. *Каныбектин отряды эки жүздөн ашып кеткен* (Жантөшев).

2. Ишти же кандайдыр бир милдетти чогуу аткаруу үчүн биригишип уюшкан адамдардын тобу, кандайдыр бир коллектив. *Жапар пионер отрядынын башчысы Сатардыээрчитип, Зуурага барды* (Баялинов). — *О мен Ташбай акемдин отрядына кошулам!* (Сыдыкбеков).

3. *зоол.* Тукумунун тектештиги жагынан бириккен жаныбарлардын бөлүнүш системасындагы бир топ.

ОТСТАВКА *зат.* 1. Аскер кызматынан биротоло кетүүчүлүк. *Отставкага чыккан полковник.*

2. Парламентте тиешелүү ишеним ала албаган себептүү же мамлекеттин башчысынын алмашылышына байланыштуу өкмөттүн же кабинеттин бийликтен кетиши.

ОТТО *этиш.* 1. Тиштеп чөп жеп азыктануу (мал жөнүндө). *Тандап оттоп бетегенин гүлүнөн, Төрт түлүк мал эркинче оттоп семирген* (Осмонкул).

2. Чокуп, терип жеп тамактануу. *Алда кайда оттоп жүргөн кызыл короз.. койкоктоп кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

◆ **Оозуна келгенди оттоо** — дайынсыз, орунсуз сүйлөө, былжыроо, келжирөө.

ОТТОО отто этишинин кыймыл атоочу.

ОТТОТ отто этишинин аркылуу мамилеси.

ОТТУК *зат.* Уруп чакканда учкун пайда болуп, кууну тутандыруучу курч темир жана таш. [*Каныбек*] *оттук чагып, отундун куусунан сындырып от жакты* (Жантөшев). *Оттук, бычак, бел бооңор, Милтеге чейин баары бир* («Манас»).

ОТТУУ I *сын.* 1. Ысык, ысыган, ысык илептүү. *Оттуу жел.*

2. *өт.* Тайманбаган, кайра тартпаган, кайраттуу, абдан демилгелүү, курч. *Оттуу бала чыгат деп, Жолдоштору билишти* (Барпы).

3. Нур чачыраган, ойноктогон нурлуу. [*Келин*] *оттуу көзү менен бир карап, башын чайкап күлдү* (Жантөшев).

ОТТУУ II *сын.* Чөбү көп, жашыл чөптүү, калың чөптүү, жайыттуу. *Өзүңүз билесиз, андай оттуу жерди таба албайсыз* (Абдумомунов).

ОТУГУУ отук этишинин кыймыл атоочу.

ОТУЗ *сан.* 30 саны, үч ондук. *Жашы отуздан ашкан* (Сыдыкбеков). *Оозундагы отуз тиш, Берметтен тизип таккандай* («Мендирман»).

ОТУЗУНЧУ *сан.* Отуздун иреттик саны.

ОТУК *этиш.* Кичинекей козу, музоо, кулун чөп оттой баштоо. *Козулар отугуп калгандыктан,.. кыркмачылар пайда болду* (Жантөшев).

ОТУКТУР отук этишинин аркылуу мамилеси.

ОТУН *зат.* 1. Жагуу үчүн колдонулуучу жыгач, таш көмүр, тезек, көң ж. б. нерселер. *Палаталар орнотуу, отун алып, суу ташуу сыяктуу жумуштар аткарылды* (Сасыкбаев). *Катын алсаң, отун ал* (макал).

2. *тех.* Күйүүчү заттар. *Суюк отун.*

ОТУНКАНА *зат.* Отун коё турган, отун сактала турган жай, сарай.

ОТУНЧУ *зат.* Отун алуучу киши.

ОТУР *этиш.* 1. Жерге, белгилүү бир орунга, орунтукка, ээрге ж. б. көчүк койгон абалда орун алуу, жайгашуу. *Дасторкон жыйналгандан кийин Бурулча жайланып отуруп алып, сөз баштады* (Байтемиров).

2. Жардамчы этиш катарында кыймыл-аракеттин созулушун, үзгүлтүксүз болуп турганын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Настен китеп тандап отуруп Акбар жөнүндө ойлонду* (Убукеев).

ОТУРГУЗ *этиш.* 1. Бирөөнү отура турган орунга жайлаштыруу.

2. Тигүү (мис., бак, алма ж. б.). *Ата, менин отургузган жыгачтарымды мал кемирип салбасын* (Сыдыкбеков).

◆ **Сүннөткө отургузуу** — колун адалдатуу, сүннөт кырым-жырымын жасоо.

ОТУРГУЗУУ отургуз этишинин кыймыл атоочу.

ОТУРГУЗУШ оторгуз этишинин кош мамилеси.

ОТУРГУЧ *зат.* Орундук

ОТУРУК *зат.* Көчүп жүрбөй бир жерге орун алуучулук, турук алып жайгашкандык. *Отурук бол, там салып, Кыл мээнетти жамдалып* («Жазгыч акындар»). — *Отурук алган ордунан ким эле көчкүсү келсин, — деп Кумуш мурдагыдан жеңиле сүйлөдү* (Байтемиров).

ОТУРУКТАШ *этиш.* Көчүп жүрбөй бир жерге туруктуу болуп жашоо, жай

алуу. *Алар жаңы жерге түбөлүк отурукташып, бузулбас очок салуу үчүн барышат* (Абдумомунов). *Кыргыз айлы отурукташтыы* (Сыдыкбеков).

ОТУРУКТАШТЫР отурукташ этишинин аркылуу мамилеси.

ОТУРУКТАШУУ отурукташ этишинин кыймыл атоочу.

ОТУРУКТУУ *сын.* Туруктуу, отурукташкан.

ОТЧЁТ *зат.* Аткарылган иш жөнүндө жазуу жүзүндө же оозеки официалдуу билдирүү, маалымат. *Илимий иштер жөнүндөгү отчёт. Партиялык уюмдун секретарынын отчёту. Жылдык отчёт.*

ОФИЦЕР *зат.* Армиянын жана флоттун командалык составындагы киши. *Бала элем көз ача элек, жигит болдум, Советтик Армиянын офицери* (Абдыраманов).

ОФИЦИАЛДУУ *сын.* Өкмөт тарабынан, администрация же бийлик башындагы киши тарабынан белгиленген, дайындалган, же ачык ошолор тараптан чыккан.

ОФИЦИАЛДЫК официалдуу менен бирдей.

ОФИЦИАНТ *зат.* Ресторандарда, столовойлордо тамак ташып берүүчү киши. *Официантка акчасын төлөп* [*Султан*] *тышка чыкты* (Баялинов).

ОФИЦИАНТКА *зат.* Официант аял.

ОХ *сырд.* Кубанганда, таң калганда, жаны кейигенде колдонулат. *Куду шибердин шуудурун элестетип, балдар арасынан күбүр башталды: — Ох, кайран Алгыр!* (Сыдыкбеков). *— Ох, суу! — деди жерде жаткан Нурмат* (Абдукаримов).

ОЧ *сырд.* Төөнү айдоодо колдонулат. *Төө кыядан өткөн соң «оч»! дегениң курусун* (макал).

ОЧЕРК *зат.* 1. Реалдуу фактынын негизинде жазылган кичирээк адабий чыгарма. *Очерктерди.. да радиодон угушчу* (Баялинов).

2. Өз ара байланыштуу маселелер боюнча изилдөөлөрдөн турган атайын илимий эмгектин аты. *Кыргыз адабиятынын очерктери.*

ОЧОГОЙ *сын.* Очойгон, чөп.

ОЧОЙ *этиш.* Чоң көрүнүштө болуу, көлтөгөй көрүнүү.

ОЧОЙТ очой этишинин аркылуу мамилеси.

ОЧОК *зат.* Казан асууга ылайыктап жерден оюлуп, же таш тизип жасалган кемеге, же кирпич коюп жасалган от жагуучу жай. *Эркиниңди отургузуп, тетиги үч кышты коюп очок жасап, от жакчы* (Жантөшев). *Кочегар Бочкин зор сыймык менен очоктогу алоолонгон жалынды карады* (Сасыкбаев).

◆ **Орун-очок алуу** — туруктуу болуу, отурукташып калуу.

ОЧОР: очор-бачар — бала-чакалуу, үй-жайлуу. [*Токобайдын*] *уулу аялдуу болуп очор-бачар болуп калган* (Каимов).

ОЧОРУЛ *этиш.* Бели, буту ооруган же майып болуп мертинип калган учурда ордунан көтөрүлө албай, тура албай калуу. *Орогуна баралбайм, Очорулуп, тура албаймын белимден* (Осмонкул). *Койкүрөңдүн бели үзүлүп, очорулуп барып жатып калды* («Курманбек»).

ОЧОРУЛТ очорул этишинин аркылуу мамилеси.

ОЧОРУЛУУ очорул этишинин кыймыл атоочу.

ОЧОЮУ очой этишинин кыймыл атоочу.

ОШЕНТ *этиш.* Ошондой кылуу, ошондой иштөө, айтылгандай же мурдагыны уланта иштөө. *Ошент, каралдым* (Абдукаримов). *Ошент бөбөк, ошент күлкүң чыкса экен, Балалыгын эстеп көбү жаш алсын* (Осмонов).

ОШЕНТИП *мод.* Ошондойчо, ошондой болуп. *Ошентип, арадан бир аз убакыт өттү* (Убукеев). *Өлбөгөн адам алтын аяктан даам ичсин ошентип!* (Сыдыкбеков).

ОШО ошол менен бирдей.

ОШОЛ *ат.* Кимдир бирөөнү, кандайдыр бир окуяны эскере, көрсөтө белгилөө үчүн колдонулат. *Кыстоого калган кыргызды Күтүп алчуу эр ошол, балам* («Манас»). *Бурулча ошол күнү кечинде уулун ээрчитип алып Мамырдыкына барды* (Байтемиров).

ОШОНДО *такт.* Ошол кезде, ошол убакта, ошол учурда. *Олжобайың ошондо Акырын басып келди эми* («Олжобай менен Кишимжан»). *О, ошондо, Табылды айткандай, суйгөн жигитти алма менен урамын!* (Сыдыкбеков).

ОШОНДОЙ *ат.* Так ушундай, ошол болгондой, ошол сыяктуу. *Турмуш мени так ошондой жаратты, Сыртым кашаң, ичке берип канатты* (Аалы). *Батиш эжесинин мүнөзү ошондой* (Сыдыкбеков).

ОШОНДУКТАН *байл.* Андыктан, ошон үчүн, ошол себептен. *Ошондуктан таятам айыл арасында болуп.. бизге.. зарыл иштер жөнүндө кабар берип турсун* (Жантөшев). *Калка болот Манас деп, Ошондуктан көөнүм ток* («Манас»).

ОШОНЧО *такт.* Ошол санда, ошол болгончолук. *Досуң канча болсо, душманың ошончо* (макал). *Бирок ошончо көп сандаган каттардын биринен да пайда чыкпады* (Жантөшев).

ОШОНЧОЛУК *такт.* Канча болсо ошондой, ошол санда, ошончо, абдан.

ОШТОН *этиш.* 1. Көңүлү көтөрүңкү болуп эргүү. *Эзликкен жүрөк оштонот* (Бектенов).

2. *өт.* Кылыктана койкоктогон, ойнокторгон көрүнүштө болуу. *Оштонгон ошол селкиден Эт жүрөк кантип түңүлсүн* (Аалы).

ОШТОНТ оштон этишинин аркылуу мамилеси.

ОШТОНУУ оштон этишинин кыймыл атоочу.

ОЮК *зат.* Оюлган жер, чуңкур, оюлган ачык. *Андан соң жарылчактын оюгуна бир уч жүгөрүнү салат да, тутқасынан кармап жай тегеретет* («Ала-Тоо»).

ОЮЛ ой этишинин туюк мамилеси.

ОЮН *зат.* 1. Кандайдыр бир көңүлдү өзүнө тартып кызыктыруучу нерселер, ж. б. менен алагды болуучулук, көңүл

ачуу; зоок, шоок. *Курушту кызык оюнду, Шаңдуу ойноп күлгөнү* (Осмонкул). *Оюн-тамаша кызыгандан кызый берди* (Убукеев).

2. Белгилүү эрежелери, ыктары бар, бош убактарда спорттук мелдештерде, салтанаттуу учурларда ж. б. аткарылуучу спорттун түрлөрү, элдик тамашалар. *Футбол оюну. Спорттук оюндар. Эр оодарыш— элдик оюн.*

3. Тамаша, чын эмес, тамашалагандык. *Оюнуңбу, чыныңбы? Оюн-чындан билдирүү.*

◆ **Кыз оюн** *к.* **кыз. Оюн салуу** — ойноп, ойноктоп кетүү, ары-бери чуркоо, дың салуу. *Белесте оюн салып кулундары, Куушуп жонго чыгат кунандары* (Маликов).

ОЮНҚАРАК *сын.* Ойноок, ойногонду жакшы көргөн. *Курсагы ток, кийими бутун оюнкарак балага аяз анчалык сезилген жок* (Касымбеков).

ОЮНПОЗ *зат.* Шайыр, оюнду жакшы көргөн, шайдоот.

ОЮНЧУ *зат.* 1. Оюнга катышуучу, оюнду жакшы көрүүчү. *Оюнчулардын ар кимиси.. [топтун] тордон алыс уруп түшүрүүгө даяр* (Бейшеналиев).

2. *сүй.* Артист, актёр, акробат. *Ат оюнчу кишидей, Тетири минип шамдагай* (Аалы).

ОЮНЧУК *зат.* Жаш балдар ойноого ылайыкталган ар түрдүү нерселер, куурчактар ж. б. *Биринчи январга ооган күнү кечинде, ёлка кооз оюнчуктар менен безенип турду* (Сасыкбаев). *Жылап көңүлүнө жаккан сонун оюнчукту биринчи колуна кармагансып жылмайып турду* (Сыдыкбеков).

ОЮУ *зат.* Бир нерсенин бетине оюп, чиймелеп салынган түр, оймо. *Арасына оюунун Актан милте койдурган* (Тоголок Молдо). *Үйдүн тутуусу бордолуп жасалган ак кийиз, карга тырмак оюу* (Жантөшев).

Ө

ӨБӨҚ *зат.* Жөлөк, тирек, таяныч. *Алдына өбөк, аркасына жөлөк кылган бир тууганы* (Жантөшев).

◆ **Таш өбөк** — эки колун бооруна кайчылаштыра зэрдин кашына карай өбөктөй отурган абал.

ӨБӨКТӨ *этиш.* 1. Эңкейибирээк тартып, бүкүрөйгөнсүгөн абалда болуу, эңкее таянып, жөлөнгөндөй, өңкөйгөндөй абалда болуу. *Элдин артыраак жагында олтурган ак сакал чал таягына өбөктөп,.. Болот миңбашыга карады* (Абдукаримов).

2. Бүкчүйүү, бүкүрөйүү. *Өбөктөгөн кары да Эмгекте жүрөт тынбастан* (Маликов). *Боорун сылап бош жатканын көрбөдүм Жашы өтүп өбөктөгөн карынын* (Калык).

ӨБӨКТӨӨ өбөктө этишинин кыймыл атоочу.

ӨБӨКТӨТ өбөктө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨБӨЛГӨ *зат.* 1. Жөлөк, өбөк, тирек, таяныч; негиз. *Ордубузду басуучу Жеткинчегим — өбөлгөм* (Нуркамал). *Жер семирткичтерди өз убагында чачуу — мол түшүм алуунун өбөлгөсү.*

2. Көрсөткөн кызматы, көмөгү, колдоосу үчүн берилген сыйлык, белек. *Он сан орус калкынан Алып келген өбөлгөм* (Токтогул).

Өбүү өп этишинин кыймыл атоочу.

Өбүш өп этишинин кош мамилеси.

ӨГӨ *этиш.* Курчутуу же жылмалоо үчүн өгөө менен сүрүү. *Мен дагы келдим жетип элеп-желеп, Курчутуп канжарымдын мизин өгөп* (Үмөталиев).

ӨГӨЙ *сын.* Өз баласы эмес; өз эне-атасы эмес; өз боору эмес. *Фатиманын пенсияга чыккан атасы менен өгөй энеси да карап турушпады* (Сасыкбаев). *Өгөй бала курусун, Өкүнөм ошол өткөнгө* (Токтогул).

ӨГӨЙЛӨ *этиш.* 1. Өгөй ата, өгөй эне же өгөй бала экендигин сездире мамиле кылуу, өз боорундай көрбөө.

2. *өт.* Өөн учуроо, жат көрүнүү. [*Улак*] *балдардын көзүнө да жатыгып, өгөйлөбөй калды* (Бейшеналиев).

3. *өт.* Жакпай калуу, көнбөгөндүк кылуу. *Бу тамак ичимди өгөйлөдү.*

ӨГӨЙЛӨӨ өгөйлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨГӨЙЛӨТ өгөйлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨГӨЙСҮН өгөйлө менен бирдей.

ӨГӨЛ өгө этишинин туюк мамилеси.

ӨГӨӨ I *зат.* Металлдан жасалган үч кырдуу, же башка формада жасалган бетинде быдырлары бар, бир нерсени тегиздөөгө, жылмалооого, учтоого, курчутууга, сүрүүгө арналган курал, инструмент. *Темирдин көркү өгөөдө, Жыгачтын көркү мөмөдө* (Токтогул).

ӨГӨӨ II өгө этишинин кыймыл атоочу.

ӨГӨӨЛӨ *этиш.* Өгөө менен сүрүү, үбөлөп тегиздөө, жылмалоо, курчутуу. *Капитан бир бутундагы кишенди өгөөлөп болду* (Жантөшев).

ӨГӨӨЛӨӨ өгөөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨГӨӨЛӨТ өгөөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨГӨӨЛӨШ өгөөлө этишинин кош мамилеси.

ӨГӨШ өгө этишинин кош мамилеси.

ӨГҮЗ *зат.* Үйдун эни алынган эркеги (ноопаздан өйдөкү жаштагысы). *Өлөр өгүз балтадан тайбайт* (макал). *Кунан өгүз. Асый өгүз. Мурдуна чүлүк өткөрүлгөн өгүз.*

◆ **Өгүз догун карматуу** — өжөрлөнүү, көктүгүн карматуу. *Акия Элебестен чындап жаакка жегенде, ачуу үнүн барынча салып, өгүз догун карматкан* (Сыдыкбеков).

ӨГҮНҮ *такт.* Мындан бир топ күн мурда, бая күнү. *Өгүнү экзамен тапшырууга келгенде ошондо жаткам* (Бейшеналиев). *Ал өгүнү бизге келиптир* (Жантөшев).

ӨГҮНЧӨРӨӨК *такт.* Мындан бир топ күн мурдараак, бая өгүнү. *Өгүнчөрөөк «үйгө барып кайтсамбы?» деп бирөөдөн айттырган экен* («Ала-Тоо»).

ӨЖӨК: өжөк-өжөк кан кетүү — үстү-үстүнө, тынымсыз коюлган кан чыгуу. *Элемандын оозунан Өжөк-өжөк кан кетти, Өкүргүү таш жарып, Элемандан ал кетти* («Эр Төштүк»).

ӨЖӨР *сын.* Айтканынан кайтпай тырышып жатып алган, өзүнүкүн бербеген, көк. [*Омор*] *оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү өжөр адам* (Сыдыкбеков). *Өжөрлүгү дагы бар, Өз билгенин бербеген* (Тоголок Молдо).

ӨЖӨРДҮК *зат.* Өзүнүкүн бербегендик, көктүк, өжөргө таандык сапат. *Ошого карабастан өжөрдүккө салып баратты* (Байтемиров). *Өчөшүп душман бекем өжөрдүккө, Бар күчүн салып жатат күнү-түнү* (Абдыраманов).

ӨЖӨРЛӨН *этиш.* Айтканынан кайтпай тырышып жатып алуу; көшөрө тырышуу. *Деп ойлентип Түмөнбай, Өжөрлөнө кеп салды* («Семетей»). *Биз калаага киргенден кийин, жоо каарын чачып, өжөрлөндү* (Карапаев).

ӨЖӨРЛӨНҮҮ өжөрлөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗ *ат.* 1. Бирөө же бир нерсе жөнүндө жеке белгилей көрсөтүү үчүн колдонулат. *Ар бир элдин өзүнүн улуттук традициялары бар* («Коммунист»). *Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө* (макал).

2. Өзгө эмес, бөтөн эмес; өзгөгө таандык эмес, туугандык жагынан же ой-санаасы жагынан жакын, ишенимдүү. *Өз атасы. Өз үйү. Өз киши. Душманга өздөй караба, тийбей койбойт зыяны* (макал).

◆ **Өз өзүнчө** — ар кимиси өз бет алдынча, өзү каалагандай. **Өзүнөн өзү** — бирөөнүн жардамысыз, таасирисиз. **Өз убагында** — тиешелүү учурунда, маалы жеткенде, эрте да, кеч да эмес, учурунда. **Өзүм билемдик** — башкалар менен кеңешпестен, макулдашпастан, өз билгенине салуучулук. **Өзү бүтөттүк** — өзү бүтөт деп иштин жүрүшүнө карабай, көңүл бурбай коюучулук, таштап коюучулук. **Өз ара** — өздөрүнчө, бири-бири менен, ич ара. *Атаң эккөңөрдүн өз ара сөзүңөрдүн мага эмне кереги бар* (Сасыкбаев). **Өз алдынча** *же* **өз бетинче** — эч кимдин жардамысыз, өзүнчө, көз каранды болбостон. *Аялым менен кол кармашып, өз бетимче оокат кыла баштадым* (Баялинов).

ӨЗГӨ *зат.* Башка, бөлөк, бөтөн. *Өзүңдү өйдө көтөрүп, Өзгөнү ылдый пас кылба* (Осмонкул).

ӨЗГӨЙ: кара өзгөй — чыр, кыянатчыл, уятсыз, катаал, орой. *Кара өзгөй сүйлөп, калп сүйлөп, Каргыш алба оозуңа* (Осмонкул). *Кара өзгөй болбой доо болбойт* (макал).

ӨЗГӨР *этиш.* Мурдагыдай болбой башкача болуп калуу, башкача боло түшүү, өнүгүп башкача болуу. *Мыскалдын жүрөгү тыз этип, балким, ак саргыл бети да болор-болбос өзгөрүлө түштүбү* (Сыдыкбеков). *Күндөн күнгө гүл турмуш, Гүлдөп, жайнап өзгөрдү* (Осмонкул).

ӨЗГӨРТ өзгөр этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЗГӨРҮЛ өзгөр этишинин туюк мамилеси.

ӨЗГӨРҮҮ өзгөр этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗГӨРҮШ *зат. сүйл. эс.* Революция. *Кедейлерим сөзүмдү ук, Өзгөрүштө алга чык!* (Тоголок Молдо). *Өзгөрүштүн өчпөй турган чырагын Күн Чыгыштын тоолоруна жагалык* (Турусбеков).

ӨЗГӨЧӨ *такт.* Артыкча, бөтөнчө, айрыкча. *Өзгөчө Алымкулдун кабагы ачык* (Аалы). *Жери өзгөчө кооз го Биздин элдин* (Шүкүрбеков).

ӨЗГӨЧӨЛҮК *зат.* Бөтөнчөлүк, башкалардан айырмаланган сапат, белги. *Белектин өңүндө бир өзгөчөлүк бар экенин Сыдык эми сезди* (Жантөшев).

ӨЗДӨШ *этиш.* Өз болуп кетүү, көнүп, үйрөнүп аралашып кетүү, кошулуп, уланып кетүү.

ӨЗДӨШТҮР *этиш.* Билүү, үйрөнүү, ээ болуу. *Кычан күн сайын үй каруунун ыгын өздөштүрүп, жумушун жеңил, кызыктуу сезе баштады* (Бейшеналиев). *Адыл тырышчаактыгы аркасында илимди тез өздөштүрдү* (Сыдыкбеков).

ӨЗДӨШТҮРҮЛ өздөштүр этишинин туюк мамилеси.

ӨЗДӨШТҮРҮҮ өздөштүр этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗДӨШҮҮ өздөш этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗӨК *зат.* 1. Өсүмдүктөрдүн сабагынын же тамырынын ортосундагы узатасынан кеткен көбүнчө жумшагыраак келген бор-бордук бөлүгү.

2. Өсүмдүктөрдүн жалбырак, гүл жана мөмө алуучу негизги бөлүгү, сабагы. *Чалгы кыйган өсүмдүк өзөктөрүнүн дүмүрлөрү учтарын соройтот* (Сыдыкбеков). *Өзөгү—бал, өзү—кант, Чөбү сонун Суусамыр* (Барпы).

3. Ички тамак өтүүчү жолдор: ички бөлүк, ич. *Кымыз өзөктү өрттөп баратат* (Аалы).

• 4. Кандайдыр бир нерсенин ортосуна салынган нерсе же ортодогу бөлүгү. [*Ашыр*] *бургунун өзөгүн.. катмарга житирди* (Сасыкбаев). *Кунак өгүз терисин Өзөк кылган булдурсун* («Семетей»).

5. *өт.* Негиз, тамыр. *Бул ырлардын өзөгүндө жаштын тунук романтикасы жатат* («Ала-Тоо»). *Бул жоболоңдуу, өзөгү күчтүү* (Сасыкбаев).

◆ **Өзөк жалгоо** — бир нерсе шам-шум этип алуу, азыраак тамактануу. *Ажар менен Каныбек аталадан ичип, өзөк жалгашты* (Жантөшев). **Өзөк карауру** — аябай ачка болуу. *Ажардын өзөгү карарды* (Баялинов).

ӨЗӨКТҮҮ *сын.* Өзөгү бар.

ӨЗӨЛӨН *этиш.* Катуу ыйлоо, кошуп өксөп ыйлоо, абдан катуу кайгыруу. *Кой эми, Каныбек! Өткөнгө өзөлөнө бербе* (Жантөшев).

ӨЗӨЛӨНТ өзөлөн этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЗӨЛӨНҮҮ өзөлөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗӨН *зат.* 1. Чоңураак агын суу, дарыя; суунун сайы. *Адам кенчи, малдын жери бул өзөн, Көзгө жылуу ой-талаасы, тоо ташы* (Осмонов). *Кирген буурадай ак көбүгүн көккө бүркүп,.. жулкунуп жаткан көк кашка өзөн* (Абдукаримов).

2. Суунун алабы, өрөөн, бассейн. *Кетмен-Төбө кең өзөн Токомдун өскөн жери экен* (Аалы).

ӨЗӨНДҮҮ *сын.* Өзөнү бар, суусу бар. *Куландай басып ойношкон, Өзөндүү сууну бойлошкон* (Осмонкул). *Гүл төгүлгөн жалбырак, Көк өзөндүү төрүбүз* (Тоголок Молдо).

ӨЗӨӨРҮ өзөр менен бирдей.

ӨЗӨР *этиш.* 1. Талуу жерге (бөйрөккө, ичке ж. б.) муштаганда же бир нерсе катуу урунганда эси ооп, алы кете түшүү. *Бирине келип таш тийип, Тилден калды өзөрүп* («Таалай жомогу»).

2. Аябай ачка болуп, алсыздануу, абдан курсагы ачып шайы кетүү. *Ичкени мытан даны жок, Өзөрүп өмүр өткөргөн* (Аалы).

ӨЗӨРТ өзөр этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЗӨРҮҮ өзөр этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗҮМДҮК *сын.* Коомдук эмес, жеке бир адамга тийиштүү, менчиктүү. *Өзүмдүк үй. Өзүмдүк кой-эчки.*

ӨЗҮМСҮТ *этиш.* Өз кишиси, жакыны катарында көрүү, өз, жакын кишиси деп эсептөө.

ӨЗҮМСҮТҮҮ өзүмсүт этишинин кыймыл атоочу.

ӨЗҮМЧҮЛ *сын.* Өз керт башынын гана камын ойлоочу, өзүнө, өз пайдасына көбүрөөк тарткан. *Эмгексизди, Жалкоону, Өзүмчүлдү, Керилген төрөчүлдү, Дагы көп ушундайды өлгөнчө жек көрөмүн!* (Элебаев).

ӨЗҮМЧҮЛДҮК *зат.* Өз керт башынын камын ойлоочулук, өзүнө тартуучулук.

ӨЗҮНЧӨ *такт.* Башкалардын жардамысыз, өз алдынча, өз бетинче. *Бир карыя таң азандан кобурап, Көчөттөрдү тигип жүрдү өзүнчө* (Аалы). *Ашыр аке акыларга саман салып өзүнчө кобурады* (Убукеев).

ӨЙДӨ *такт.* Жогору, жогору жак, ылдыйдын карама-каршысы. *Акман кетменин мындай коюп өйдө болду* (Сыдыкбеков). *Чолпонбай кемер жараңка менен тике өйдө чуркап жөнөдү* (Жантөшев).

2. Чыгыш жөндөмөдөгү сөздөрдөн кийин келип, ошонун, ошол нерсенин өзү кошулуп эсептеле тургандыгын көрсөтүү үчүн колдонулат. *Малчылардын кийимдеринен өйдө шайма-шайланган* (Байтемиров). *Кулагынан өйдө кызара түштү да, мурдун шуу тартып алды* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Айырмасы, сапаты ж. б. жогору. *Гүлнардан бычак сырты өйдө тургандай болот* (Сыдыкбеков). *Мылтыгым Ак келтеден миң эсе өйдө* (Үмөталиев).

ӨЙДӨЛӨ *этиш.* 1. Жогорулоо, улам өйдө, бийигиреэк чыгуу. *Эх, техник мырзалар! Өйдөлөп баратасыңар. Кийин өстөнүбүздөн суу чыкпай коюп жүрбөсүн!* (Сыдыкбеков).

2 Кызматы жагынан жогорулоо.

ӨЙДӨЛӨН *этиш.* Аңгекке, арыкка, ийинге ж. б. ушундай жерлерге башы өйдө боло албаган абалда жыгылып тура албай калуу. *Бүбүштүн тобундагы бир кулун түлкүнүн ийнине түшүп өйдөлөнүп калган* (Байтемиров). *Тушап коё берген жеринен аңгекке өйдөлөнүп өлдү* (Сыдыкбеков).

ӨЙДӨЛӨНҮҮ өйдөлөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨЙДӨЛӨӨ өйдөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨЙДӨЛӨТ өйдөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЙДӨСҮН *этиш.* Өзүн бирөөдөн жогору саноо, өзүн бирөөдөн жогору көрсөтүүгө тырышуу. *Өтө эле тыңсынып, өйдөсүнүп, өтө эле акылдуусуна берчү эмес* (Сыдыкбеков). *Өйдөсүнүп не керек, Өз колунан келбесе* (Осмонкул).

ӨЙДӨСҮНТ өйдөсүн этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЙДӨСҮНҮҮ өйдөсүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨЙКӨ *этиш.* 1. Денеңин бир жери кысылып же катуу нерсеге тийүүдөн сүрүлүү, сүрүлүп жооруп кетүү; өйүү. *Кишен колун өйкөп, билектеринен кан акты* (Бөкөнбаев). *Чылгый чарыгы кургаган сайын бутун кыса баштап, жолго жеткенде бутун өйкөп жоорутуп жиберди* (Убукеев).

2. *өт.* Кандайдыр бир жагымсыз иштен улам саная тартуу, беймаза болуу, тынчсызданууу, тынчы кетүү, жүрөгү түпөйүл болуу. *Мен жалгыз калдым. Бир адамдын колунан эмне келмек? Бул дагы жүрөгүмдү өйкөдү* (Таштемиров).

ӨЙКӨЛ өйкө этишинин туюк мамилеси.

ӨЙКӨӨ өйкө этишинин кыймыл атоочу.

ӨЙКӨТ өйкө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЙҮ *этиш.* Кандайдыр бир иш ойдон кетпей сары саная болуу, тынчсызданууу, беймаза болуу, тынчы кетүү, жүрөгүн өйкөө. *Мына бул көрүнүш Күмүштүн жүрөгүн өйүй баштады* (Жантөшев). *Сөздү кандайча баштоо керек, менин көкүрөгүмдү ушул маселе өйүдү* (Таштемиров).

ӨЙҮЗ *зат.* Суунун, өзөндүн ж. б. экинчи жак мандайы, бир жак жээги. *Күндүн нуру капчыгай ичине төгүлүп, кыя жолдун эки өйүзүндөгү кызыл-тазыл гүлдөрдүн көркүнө жан киргизди* (Байтемиров). *Арқы өйүздөн кез-кез иттин үнү угулат* (Жантөшев).

◆ **Өйүз-бүйүз** — суунун, өзөндүн ж. б. эки жак жээги, маңдай-тескей тарап. *Кара-Суунун боюнда өйүз-бүйүз калың дарак* (Каимов). *Өйүз-бүйүз туралы, Бирөөбүзгө бирөөбүз Аябай найза уралы!* («Эр Төштүк»).

ӨЙҮЗГҮ *такт.* Маңдайкы, өйүз жактагы, маңдай жактагы. *Көзүн тикиреитип өйүзгү тарапты карап калыптыр* («Советтик Кыргызстан»).

ӨКМӨТ *зат.* 1. Түздөн-түз башкаруу иштерин жүргүзүүчү мамлекеттик бийликтин башкаруучу жана аткаруучу жогорку органы. *Революциялык өкмөт. Буржуазиялык өкмөттүн мүчөлөрү.*

2. *сүйл.* Бийлик. *Бардык иште жана өкмөттү колго алуу эр азаматтын милдети эмеспи* (Жантөшев).

ӨКМӨТТҮК *сын.* Өкмөткө таандык, өкмөт тарабынан жарыяланган, өкмөт тарабынан белгиленген. *Өкмөттүк билдирүү. Өкмөттүк сыйлык.*

ӨКМӨТЧҮ *-зат. сүйл.* Кызматта иштеген киши, кызматчы, бийликтин өкүлү. *Кызым орто мектепти бүтсө, анан жогорку окуу жайын бүтүрүп, бакыйган бир чоң өкмөтчү болсо* («Чалкан»). *Жанына тапанча байланган Чотур Коңкаегаев деген райондогу бир өкмөтчүнү өзүң билесиң* (Сыдыкбеков).

ӨКӨӨ *туурасы:* **экөө.**

ӨКСӨ *этиш.* 1. Буркурап-боздоп ыйлоо, боздоо, катуу ыйлоо. *Эркин өксөп-өксөп жиберип токтоду* (Жантөшев). *Уулбала эки колу менен бетин басып өксөп олтура калды* (Аалы).

2. *өт.* Катуу ызылдоо, улуп-уңшуган үн чыгуу. *Өксөгөн бороон, сөөктөн өткөн аяз* (Аалы). *Өксөп улуп ышкырат, Кумду чачат тырмалап* (Аалы).

ӨКСӨӨ өксө этишинин кыймыл атоочу.

ӨКСӨТ өксө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨКСҮ I *зат.* Жетиште бербегендик, кем болгондук, кемип, жетпей тургандык. *Кашаң карагерин сылап-сыйпап жайдыркыштыр жемден өксү кылбай.. багат* (Бейшеналиев).

ӨКСҮ II *этиш.* Жетишсиз болуп калуу, кемүү, жетпей калуу, жетпей туруу. *Өткүр кайрат, өкүм күч, Ушулбу өксүп калганың* («Курманбек»).

ӨКСҮ III өксө менен бирдей.

ӨКСҮК *зат.* Жетишсиздик, кемдик, өксүгөндүк. *Совхоздо турак үй курулушу өксүк экени өзүңүздүн оюңузда барбы?* (Чалкан»). *Өксүк менен келатам Өмүрүмчө басынып* (Токтогул).

ӨКСҮЗ *зат.* Жетим. *Ата-энеси жок, өксүз.*

ӨКСҮТ өксү этишинин аркылуу мамилеси.

ӨКСҮҮ өксү этишинин кыймыл атоочу.

ӨКТӨ *зат.* Орундалбаган доо, ишке ашпаган тилек, өкүттө калгандык. *Өзү келип сүйлөшүп, Өктөсү жок узатсын* («Курманбек»). *Мен турмушка сарак ач көз эмесмин, Өктө кылып, ай, аз бердиң дебесмин* (Осмонов).

ӨКТӨМ *сын.* Мамилеси, мүнөзү өткүр, шар, өкүм. *Бүт байларды кедейлерге жыйнатып, Жоёт элем багынбаган өктөмүн* (Аалы).

ӨКТӨМДҮК *зат.* Өкүмдүк, өткүрлүк, атырылган мамиле, мүнөз, сапат, үстөм болуу аракети.

ӨКТӨМСҮ өктөмсүн менен бирдей.

ӨКТӨМСҮН *этиш.* Өктөмдүк кылуу, өктөм сыяктуу көрүнүүгө тырышуу.

ӨКТӨМСҮНҮҮ өктөмсүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨКҮЛ *зат.* Белгилүү мамлекеттин, мекеменин, топтун же адамдардын кызыкчылыгын көздөөчү же ошолор тарабынан жиберилген киши. *Ат-Башы районунун [малчыларынын] өкүлдөрү Кочкор районуна келишти* («Коммунист»). *Ар бир элдин өкүлү Айтып өттү мудаасын* (Үсөнбаев).

ӨКҮЛДҮК *зат.* Өкүлдүн абалы, укугу жана милдети.

ӨКҮМ I *зат.* Бир нерсеге карата чыгарылган кандайдыр бир иш боюнча аткарылышы милдеттүү болгон бүтүм, буйрук иретиндеги чечим, жыйынтык; иш каралгандан кийинки соттун чечими. *Өзүм бүгүн жол чалам, Өкүмүм үгүп отургун* («Эр Табылды»). *Кечээ күнү Маатыбыз, Адыл, Жумаларга сот өкүмү болду* (Жантөшев).

◆ **Өкүм сүрүү** *к.* **сүр III.**

ӨКҮМ II *сын.* Өктөм, өткүр, жоош эмес, атырылган, курч. *Өкүм болмок— өзүңдөн, сылык болмок — сөзүңдөн* (макал).

ӨКҮМДҮК *зат.* Өкүм мүнөз, мамиле, мүнөзү өткүрлүк, курчтук. *Куру өкүмдүк не пайда, Өз күчүңдү мелжеп ал* («Манас»). *Тулпар сындуу мал экен, Жүрөгүндө кара жок, Өкүмдүгү бар экен*(«Семетей»).

ӨКҮМДҮҮ *сын.* 1. Колунда бийлиги бар. *Өкүмдүүлөр жыйылып, Өңкөй улук бардары* («Манас»).

2. Өкүм иретинде, буйрук иретинде. *Өкүмдүү айткан жардыгың, Өз башың үчүн камбылың* («Чалкан»).

ӨКҮМСҮ *этиш.* Өкүм сыяктуу көрүнүүгө аракет кылуу, өткүрсүнүү, кыйынсынуу. *Бир беттешип көргөндө, Өкүмсүп өзү кол салды* («Эр Табылды»). *Өкүмсүгөн фашистти, Өткөрө кууду чегинен* («Кыргыз фольклору»).

ӨКҮМСҮН өкүмсү менен бирдей.

ӨКҮМСҮНҮҮ өкүмсүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨКҮН *этиш.* Кандайдыр бир жагымсыз иш, окуя ж. б. болуп кеткенине кейиште болуу, кейип калуу. *Өткөн ишке өкүнбө* (макал). *Ашыр өкүнө күрсүнүп, чырагын колунан алчу* (Сасыкбаев).

ӨКҮНТ өкүн этишинин аркылуу мамилеси.

ӨКҮНҮҮ өкүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨКҮНҮЧ *зат.* Кейиш, өкүттө калуучулук, кайгыргандык, кабыргасы кайышкандык, өкүнгөндүк. *Өкүнүч салбай адамга Өмүр өтпөс болсочу* (Бөкөнбаев).

ӨКҮНҮЧТҮҮ *сын.* Кейиштүү, өкүнүчү бар. *Эми өзү ичтен кыңкылдап, өкү-*

нүчтүү ырдап олтурат (Сыдыкбеков). *Ачуу-таттуу өкүнүчтүү кыялдар, Бир далайга чубалжыды башымда* (Аалы).

ӨКҮР *этиш.* 1. Өңгүрөп, катуу үн салуу (бука, топоз жөнүндө); катуу өңгүрөп мөөрөө.

2. Бакырып кыйкыруу, катуу чамынып кыйкыруу. *Өкүргөндөн бакырып, Көкдөө чыктым чамынып* («Эр Төштүк»).

3. Өлгөн адамга үйдө өлүгү жаткан кезде же өлүгү көмүлгөнүнө көп убакыт өтө элек мезгилдин ичинде, эскерген сөздөрүн айта, бакырып ыйлап келүү (эркектер жөнүндө). *Чар тараптан эл өкүрүп келип, Бектендин үйүн кайгынын кара булуту каптады* (Байтемиров).

ӨКҮРӨҢ: өкүрөң этүү *же* **өкүрөң атуу** — дөңкөндөп ыгы жок чуркоо (уй, торпок, бука жөнүндө). *Өкүрөң атып келатса Үйдүн көркү сайгакта* («Мендирман»).

ӨКҮРӨҢДӨ *этиш.* Өкүрөң-өкүрөң этип чуркоо.

ӨКҮРӨҢДӨӨ өкүрөндө этишинин кыймыл атоочу.

ӨКҮРӨҢДӨТ өкүрөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨКҮРТ өкүр этишинин аркылуу мамилеси.

ӨКҮРҮК *зат.* Бакырык, кыйкырык, өкүрүп ыйлагандык; өлгөн кишиге өкүрүп баргандагы чыккан чуу. *Өдө-төмөн туйлады, Чалкуйруктун айынан Өкүрүк салып ыйлады* («Эр Төштүк»). *Шамырбектин айылы тараптан жер дүңгүрөткөн өкүрүк чыкты* (Жантөшев). *Казанчынын үйүнөн өлүмдүн кабары — өкүрүк угулду* (Аалы).

ӨКҮРҮҮ өкүр этишинин кыймыл атоочу.

ӨКҮТ *зат.* Өкүнүч, арманда калуучулук. *Анда өмүрдү өкүттө өткөрүп, калың жолдочу сандалат* (Сыдыкбеков).

ӨКЧӨ I *зат.* 1. Бут кийимдин такасы, таканын бийиктелген бети, бөлүгү. *Ааласы алтын жез өкчө, Айдаркандын баласы Ала көөдөн эр Көкчө* («Манас»).

2. Апкыт, бут кийимдин апкыт бөлүгү.

ӨКЧӨ II *этиш.* 1. Чүкө ойнунда чүкөнү кондуруу максатында үйрө ыргытуу, калчоо. *Өкчөп койсом ат болгон Алтын сакам кошо бар* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Толук өз бийлигинде алып жүрүү, оюндагыдай баш ийдире кармоо. *Армандуу атам Көкчөнү Жашында Манас өкчөдү* («Семетей»).

ӨКЧӨЛ өкчө этишинин туюк мамилеси.

ӨКЧӨМӨҢ *зат.* Эки киши чүкөнү өкчөп, бөк түшүргөнү ута турган белгилүү эрежелери бар чүкө оюну.

ӨКЧӨӨ өкчө этишинин кыймыл атоочу.

ӨКЧӨТ өкчө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЛ I *сын.* Чийки, суу, ным, иштетилбеген, ийленбеген (тери жөнүндө). *Өл тери.*

ӨЛ II *этиш.* 1. Жашоосу токтолуу, каза болуу, көзү өтүү, жок болуу, дүйнөдөн кайтуу. *Тирүүмдө атагым кандай болсо, Өлгөндө атагым ошондой болсун* (Аалы). *Кол куушуруп баш ийбей, Койгулашып өлөбүз!* («Манас»).

2. *өт.* Катуу уят болуу, сезгө сынуу. *Жакының болсо ичкиртен, Уялып элден өлөсүң* (Шүкүрбеков).

3. *өт.* Пайдасы жок болуп өтүү, куру бекерге кетүү, бошко кетүү, сая кетүү. *Бүгүнкү күнүм бөөдө өлдү.*

◆ **Өлөр-тирилерине карабоо** — абдан катуу жүрүү, жан аябастан, тартынбай киришүү. **Өлдүм-талдым дегенде, өлетала** *же* **өлгөн-талганда** — араңдан зорго, абдан чарчап, зор кыйынчылык менен, араң-араң. **Өлбөгөн жерде калуу** — аябай кармашуу, аябай тырышып жемин жедирбөө, абдан айыгышуу. **Өлбөстүн күнүн көрүү** — эптеп-септеп оокат кылуу, жашоо.

ӨЛГҮДӨЙ *такт.* Аябай, абдан. *Өлгүдөй тоюп чандайып, Жоо сайгансып дардайып* (Шүкүрбеков). *Өлгүдөй убара болуп, Анан жатты солуп* (Шүкүрбеков).

ӨЛГҮЧӨКТҮ *такт.* 1. Өмүр бою. *Өлгүчөктү унутулбайт.*

2. Абдан, аябай, жеткен. *Өлгүчөктү мас.*

ӨЛКӨ *зат.* 1. Белгилүү бир жер, территория, аймак, край. *Ысык өлкөлөр. Суук өлкөлөрдө жашаган айбандар.*

2. Мамлекет. *Советтик адам — өз өлкөсүнүн чыныгы кожоюну* («Коммунист»).

ӨЛКӨН: өлкөнүн өссүн — зоболоң көтөрүлсүн, бактылуу бол деген мааниде ыраазы болгондугун, алкагандыгын билдирүү иретинде колдонулат.

ӨЛӨҢ I *зат.* Саздак жерде өсүүчү көп жылдык ичке жалбырактуу чөп. *Өлөң чөп маалым кылат жай мезгилин* (Бөкөнбаев).

◆ **Өз үйүм, өлөң-төшөгүм** — өзүнө тиешелүү, өзүмдүк. *Чындыгында эле өз үй, өлөң-төшөк болуп жыргап эле калдым* («Чалкан»).

ӨЛӨҢ II *зат.* Белгилүү муун өлчөмү бар, ыргак жана уйкаш менен курулган көркөм чыгарма; казак элинин ырынын аталышы, ыр. *«Өргүсөң өлөң айт, сууп каласың» дечу эле* (Аалы).

ӨЛӨҢЧҮ *зат.* Өлөң айтуучу, өлөң аткаруучу, ырчы.

ӨЛӨРМАН *зат.* Өлөр-тирилерин билбеген, жаалдаган, абдан өжөр, өлүмтүгүн арткан. *Өлөрманга жолобой, Өзүңдү өзүң далдала* (Токтогул). *Бул өлөрман дагы бошонуп качып жүрбөсүн!* (Жантөшев).

ӨЛӨРЧӨ *такт.* Аябай, жерине жеткире. *Култеберди байлашып, Өлөрчө кылып сабады* («Мендирман»). *Өлөрчө мас.*

ӨЛӨСӨЛҮҮ *сын.* Араң жан, начар, алдан тайган, өлүм алдындагы. *Анын көз алдына.. энесинин өлөсөлүү болуп калганы элестеди* (Жантөшев). *Өлөсөлүү эки карыны кайтарып, ушул үйгө ээлик болуп жүрө береби!* (Убукеев).

ӨЛӨТ *зат.* Кандайдыр бир оорудан малдын жапырт өлүмгө учуроосу, жапырт өлүмү.

ӨЛТҮР *этиш.* 1. Жашоосунан ажыратуу, каза таптыруу, өлүмгө дуушар кылуу, жок кылуу. *Коёнду камыш өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт* (макал). *Элимден айдап бөлгүдөй, Эр өлтүргөн мен белем* (Токтогул).

2. *өт.* Бошко кетирүү, сая кетирүү. — *Көрчү, — деди Сүкөң мага бурулуп, — Биздин Белек секундун да өлтүрбөйт* (Аалы).

◆ **Жүрөгүн өлтүрүү** — мизин кайтаруу, сесин алуу, жүрөгүнүн үшүн алуу.

ӨЛТҮРТ өлтүр этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЛТҮРҮЛ өлтүр этишинин туюк мамилеси.

ӨЛТҮРҮҮ өлтүр этишинин кыймыл атоочу.

ӨЛҮК *зат.* 1. Адамдын жана башка жандыктардын өлгөндөн кийинки денеси, сөөгү. *Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт* (макал).

2. *өт.* Жансыз, өсүп-өнбөгөн, көгөрбөгөн. *Дарыялар, Өлүк жерге жан болор, Кубат кайнап, Караңгы үйгө шам болор* (Маликов). *Өлүк талаа жан байлады, Уйкусунан ойгонуп* (Бөкөнбаев).

3. *өт.* Колунан эч нерсе келбеген, эч аракети жок, киши санында жок.

ӨЛҮККАНА *зат.* Ооруканада өлүктөрдү коё турган жай.

ӨЛҮМ *зат.* Ажал; өмүрү, жашоосу бүтүү. *Бирөөнүн өлүмүн тилегенче, өзүңдүн өмүрүңү тиле* (макал). *Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт* (макал).

◆ **Өлүм жан** — такыр, түк, эч качан. [*Матвеевич*] *кекечтенүү дегенди өлүм жан билбейт* (Бейшеналиев).

ӨЛҮМДҮҮ *сын.* Өлүмү көп, өлүмгө көп учураган. *Малга өлүмдүү жыл.*

ӨЛҮМСӨК *сын.* Араң жан, араң эле. *Короо тараптан сууктан корунган иттин өлүмсөк үргөнү угулат* («Ала-Тоо»).

ӨЛҮМСҮРӨ *этиш.* Алсыроо, кайраты кетүү, алы жок болуу, араң жан калуу.

ӨЛҮМСҮРӨӨ өлүмсүрө этишинин кыймыл атоочу.

ӨЛҮМСҮРӨТ өлүмсүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЛҮМТҮК *зат.* 1. Өлүк, өлүм. *Өлүмтүккө сактаган Пулун алды басмачы* (Барпы).

2. Тарп. *Сай-сайда өлүмтүк тоодой эле, О, баягы жылдары, баягы жылдары* (Шүкүрбеков).

◆ **Өлүмтүгүн артуу** — догун артуу, өжөрлөнүү.

ӨЛҮҢКҮ *сын.* Өлүмсөк, алсыз, дармансыз; абдан солуган. *Өлөрүн санайт өздөрү, Өлүңкү турат көздөрү* («Манас»).

ӨЛҮҮ I *сын.* Тирүү эмес, өлүк, өлгөн. *Өлүүбү же тирүүбү?*

◆ **Өлүү тил** — азыркы мезгилде колдонуудан чыгып калган, жок болуп кеткен тилдер.

ӨЛҮҮ II *өл* этишинин кыймыл атоочу.

ӨЛЧӨ *этиш.* Бир нерсенин оордук салмагын, көлөмүн же узундугун ченөө. *Отуз өлчөп, бир кес* (макал). *Асан эңкейип, айдалган жерди өлчөп көрсө, терендиги — 25 сантиметр* (Баялинов). *Тузду өлчөп татытсаң, ашыңда даам болот* (Сыдыкбеков).

ӨЛЧӨЛҮҮ өлчөөлүү менен бирдей.

ӨЛЧӨМ *зат.* Бир нерсенин белгилүү бир чеги, чени, салмагы, ченеми, көлөмү. *Белгилүү өлчөмдө акча төлөп, бошонуп кетүүгө да акылуу* (Абдукаримов). *Анда биздин ишибиздин өлчөмү да ченемдүү эле* (Шимеев).

ӨЛЧӨМДҮҮ *сын.* Ченемдүү. *Сокого тапта бышты кара керди, Өлчөмдүү беде жана берип жемди* (Турусбеков).

ӨЛЧӨМСҮЗ *сын.* Ченемсиз, чексиз, болжолсуз, абдан чоң. *Тоолордун бийик чокулары өлчөмсүз көпкөк асманды тиреп тургандай сезилет* (Аалы).

ӨЛЧӨН өлчө этишинин өздүк мамилеси.

ӨЛЧӨӨ 1. **өлчө** этишинин кыймыл атоочу.

2. Өлчөм, чен, ченем. *Узундук өлчөөсү. Метр өлчөөсү.*

◆ **Өлчөөсү курусун** *же* **өлчөөсү өзү менен болсун** — бул иши өзү менен эле кетсин, башка мындай болбосун деген мааниде айтылуучу сөз.

ӨЛЧӨӨЛҮҮ *сын.* Ченемдүү, белгилүү, мерчемдүү. *Ок өлчөөлүү жерге тийбей кашка жиликти талкалап кеткен* (Жантөшев).

ӨЛЧӨТ өлчө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨМГӨК *зат.* Смуроо, омок, өмөк. *Аттын өмгөгү.*

ӨМГӨКТӨ *этиш.* Көкүрөк жагына карай ийилген, абдан энкейген абалда болуу. *Асан карыя өмгөктөп туруп, таягын алып, сылтып эшикке карай басты* (Аалы).

ӨМГӨКТӨӨ өмгөктө этишинин кыймыл атоочу.

ӨМГӨКТӨТ 1. **өмгөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Өмгөгүнө салуу, омуроолотуу. *Деп омбутуп ат менен өмгөктөтүп койдурган* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Басым келүү, басымдуулук кылуу, басым келип шаштыруу.

ӨМӨК *зат.* Өмгөк. *Жолдошторун аттын өмөгүнө салып көп солдат айдап келе жатат* (Жантөшев).

ӨМӨЛ *этиш.* 1. Өмгөктөй алдын карай жүткүнгөн абалда болуу.

2. Тартынбастан, көшөөрө качырып кирүү. *Өжөрлөнүп көп калмак Өмөлүп кирди таптакыр* («Манас»).

ӨМӨЛҮҮ өмөл этишинин кыймыл атоочу.

ӨМҮР *зат.* 1. Адамдын, айбандын жана өсүмдүктүн жаралгандан өлгөнгө чейинки физиологиялык абалы. *Өмүр бизден өтүп кетсе, Эл эмгектен эскерсин* (Аалы). *Жаш өмүр — ачылып турган гүл* (Жантөшев).

2. Турмуш, тиричилик. *Адам өмүрдүн туткасы.. болот тура* (Жантөшев).

◆ **Жети өмүрү жерге кирүү** — аябай уялуу. *Экөөбүздүн жети өмүрүбүз жерге кирип отурганын көрбөй турасыңбы?* (Жантөшев). **Өмүр бою** — өмүрүнчө, таптакыр, эч качан. *Улуу-Чаттын тоолору, өмүр бою бетине беш тал чөп чыкпагандай кубарып турат* (Жантөшев). **Өмүр баян** — өмүрү, иштеген иштери ж. б. жөнүндөгү маалымат, кабар, автобиография. *Бешалты сөз — бардык өмүр баяным, Калам жүрбөс, толкуну жок, ысыксыз* (Аалы).

ӨМҮРДӨШ *зат.* Өмүрү бирге, өмүрлүк жолдош (аялы же күйөөсү). *Өмүрдөш, бир көңүлдөш, Калам кашым* (Барпы).

ӨМҮРДҮК *сын.* Өмүр өткүчө, өмүр бою; түбөлүк. *Айнектей сулуу жар болсо Өмүрдүккө сүйгөнүң* (Токтогул). *Өмүрдүк кыйышпастай жолдош болуп, Кызматы көңүлүндө аччуларды* (Маликов).

ӨМҮРЛӨШ өмүрдөш менен бирдей.

ӨМҮРЛҮК өмүрдүк менен бирдей.

ӨМҮРЛҮҮ *сын.* Өмүрү узак. *Өмүрлүү, бакты-таалайлуу бол, садагаң Назгул!* (Жантөшев). *Өмүрлүү болуңуз, аке!* (Жантөшев).

ӨМҮРҮНЧӨ *такт.* Өмүр бою, өмүрү өткөнчө; эч качан. *Өмүрүнчө бир жүргөн, Көңүлдү жазып күлдүргөн* («Курманбек»).

ӨН *этиш.* 1. Уруктан, үрөндөн, тамырынан ж. б. өсүп чыгуу, өсүп чоноюу. *Ак буудай өлбөс үрөндөн өнөт* (Сыдыкбеков).

2. Өсүү, өнүгүү, чоноюу, көбөйүү, артуу. *Алсыз элек — өстүк, өндүк, алп болдук Биздин совет ай-ааламдык күн менен* (Аалы). *Ушул жерди жердешип, Өсүп-өнгөн кыргыз эл* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Бир нерсе чыгуу, табылуу; пайда чыгуу. *Курган эне, эл кыдырат, Өнбөйт артык эчтеме* (Аалы). *Кошуна болуп не керек, Курсагыңдын ачында, Кокон тыйын өнбөсө* (Осмонкул).

ӨНДҮР I *зат.* Жазыраак, кокту сыяктанып кеткен жер, суу же сай бойлоп өрдөн кеткен өрөөн. *Тоонун өндүрүн көздөй кеткен чыйыр жолго түшүп, бир атчан келе жатат* (Сасыкбаев). *Суудан чыгып жайылып, Өндүр, өндүр сай менен Төш жөлөнүп жабылып* («Эр Табылды»).

ӨНДҮР II 1. **өн** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Иштеп чыгаруу, эмгектенип, белгилүү бир натыйжага жетишүү. — *Бул коргошун эмес, чоюн деген ушул болот. Заводдон адеп өндүрүп чыгаранда тетигиндей келки-келки уютулган эмелерди жиберет* (Таштемиров). *Ар бир үйдан 5 миң литрден сүт өндүрүп алынды.*

ӨНДҮРГҮЧ *зат.* Иштеп чыгаруучу, иштеп чыгаруу ишине, өндүрүп чыгаруу ишине катышуучу, өндүрүп чыгаруучу. *Майда өндүргүчтөр. Коомдун өндүргүч күчтөрү.*

ӨНДҮРЛӨ *этиш.* Өндүр менен жүрүү, өндүрдү өрдөй жүрүү. *Моюлдан өндүрлөп, Сары-Күңгөйдүн айырмачтай белине чык* (Сыдыкбеков). *Татаалдыш ... менен өндүрлөп олтуруп, как ошол четиндин өзүнө келчү эмес белек* (Сыдыкбеков).

ӨНДҮРЛӨӨ өндүрлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨНДҮРҮЛ өндүр этишинин туюк мамилеси.

ӨНДҮРҮМДҮҮ *сын.* Өндүрүлгөнү көп, өнүмдүү, иштелип чыгарылышы натыйжалуу.

ӨНДҮРҮМСҮЗ *зат.* Өнүмдүү эмес, натыйжасы начар, иштетилиши начар, көп иштеп чыгарууга болбогон. [*Илгери*] *терини малмага салуу, кыруу, ийлөө процесстери кол күчү менен өндүрумсуз иштелчү* (Сасыкбаев).

ӨНДҮРҮМДҮҮЛҮК *зат.* Өндүрүмдүү болуучулук, өнүмдүүлүк, көп иштеп чыгаруучулук.

ӨНДҮРҮҮ өндүр этишинин кыймыл атоочу.

ӨНДҮРҮШ *зат.* 1. Иштеп чыгаруу, өндүрүү, жасап чыгаруу.

2. Коомдун өндүргүч күчтөрүн да, адамдардын өндүрүштүк мамилелерин да өз кучагына алган, материалдык байлыктарды түзүү процесси. *Социалисттик өндүрүш. Товардык өндүрүш.*

3. Өнөр жайдын бир тармагы. *Автомобиль өндүрүшү. Текстиль өндүрүшү.*

4. Түздөн-түз продукция берүүчү иш, түздөн-түз продукция иштеп чыгуу жагына катышуучу иш.

ӨНДҮРҮШТҮК *зат.* Өндүрүшкө таандык. *Өндүрүштүк план. Өндүрүштүк кеңешме.*

ӨНӨ: өнө бою — бүт бою, бүткөн бою. *Кулагы укпай кер болуп, Бойдон кетип дарманы, Өнө бою тер болуп* («Манас»).

ӨНӨГӨ *зат.* Улгу.

ӨНӨГӨЛҮҮ *сын.* Улгүлүү, үлгү берүүчү. *Өнөгөлүү иш.*

ӨНӨК *зат.* 1. Бир тарапта турган шерик, жаат-жаат болуп бөлүнүп ойногон оюндагы биригип бир тарап болгон жолдошу, жолдош, бир тарап болуп бириктешкендик. *Айыл-кыштактан келгендердин дээрлик баарысы тең өнөк-өнөк болушуп, тамакты чогуу ичишет* (Бейшеналиев). *Жаңыдан кошулган өнөктөр... ажырашпайт* (Бейшеналиев).

2. Кезек. *Акылдан бөлөк агаңа өнөгүңдү алдырба* («Мендирман»). *Эркин да өзүнүн өнөгүн алдырган жок* («Жаш ленинчи»).

3. **Өнөктүк.**

◆ **Өнөгү бирге** — өнөктөш, жардамдаш.

ӨНӨКӨТ *зат.* Адат, көндүм, көнүмүш. *Ар киши өзүнө бир мүнөздү өнөкөт кылып алат го* (Сыдыкбеков). *Ийитип саашка өнөкөт алган үйлөр оорсок саашка жөн эле көнүп бере коёр бекен?* (Убукеев).

ӨНӨКӨТТӨН *этиш.* Өнөкөт алуу, көндүм болуп кетүү, адаттанып кетүү. *Түкүрүп үйрөнбөсүн, өнөкөттөнүп кетет.*

ӨНӨКӨТТӨНҮҮ өнөкөттөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨНӨКӨТТҮҮ *сын.* Өнөкөтү бар, көнүмүштүү, адаттуу, көнүмүш болуп калган. *Анын өнөкөттүү шашкалакгыгы жанына*

ӨНӨКТӨШ I *сын.* Өнөгү бирге, оюнда бир тарап.

ӨНӨКТӨШ II *этиш.* Өнөк болуу, оюнда каршы ойногон тараптардын бирине кошулуу, шериктеш болуу, жолдош болуу.

ӨНӨКТҮК *зат.* Өтө маанилүү коомдук же чарбалык ниетерди жапырт аткаруу чаралары, жалпы бардыгы киришкен жумуш, жапа тырмак жүргүзүлгөн иш, кампания. *Жазгы айдоо өнөктүгү. Күзгү жыйым-терим өнөктүгү.*

ӨНӨР *зат.* 1. Бир нерсени жасоо, иштөө жолун, пайдалануу жөнүн билгендикти талап кылган кесип. *Өтүк тигүү өнөрү. Эр жигитке жетимиш түрдүү өнөр аздык кылат* (макал).

2. Чеберлик, усталык, билгичтик, маштык. *Өнөрүң болсо өргө чап* (макал). *Өнөр менен оюлган оюу. Ат үстүндө ойноо өнөрүн көрсөттү.*

3. Амал, айла. *Жамандын бир өнөрү артык—жата калып ат үркүтөт* (макал).

◆ **Өнөр жай** — сырьёлорду иштетүүчү, жерден казылып алынгандарды иштеп чыгуучу, курулуш ж. б. ушул сыяктуу иштерди жүргүзүүчү ишканалар, эл чарбасынын тармактары. *Жеңил өнөр жайы. Оор өнөр жайлары. Машина куруу өнөр жайы. Курулуш өнөр жайы.*

ӨНӨРДҮҮ *сын.* Өнөрү бар; чебер, маш, устат, көп өнөрдү билген. *Өнөрдүү өргө жүрөр* (макал).

ӨНӨРЛҮҮ өнөрдүү менен бирдей.

ӨНӨРМАН *зат.* Өнөрпоз, өнөрү бар адам. *Сурнайчы менен чоорчу, өнөрмандын баарысы, Өбөктөгөн карысы ушул тойдо болушту* («Манас»).

ӨНӨРПОЗ *зат.* Өнөрлүү, өнөрчү, өнөрман, өнөрү бар адам. *Балким, бул бала эч теңдеши жок өнөрпоз болуп, Эл мактанып жомок кылар* (Жантөшев). *Билимге жетсе, жаштардын арасынан ар түрдүү өнөрпоздор чыгат, буга талаш жок* (Таштемиров).

ӨНТӨ *зат.* Кыздан жигитке берилген белек; кымбат санаган белек.

ӨНТӨЛӨ *этиш.* Жакшы көрүп, кадырлап, сыйлаган адамына жан-алы калбай аракеттенип кам көрүү, кадырлагандыгын, сыйлагандыгын билдирип энтелөө. *Сөз айтпас дөдөй болсо, андай адамга эмне үчүн Кубат өнтөлөйт* (Жантөшев).

ӨНТӨЛӨӨ өнтөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨНТӨЛӨТ өнтөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨНҮГҮҮ өнүк этишинин кыймыл атоочу.

ӨНҮК *этиш.* Өрчүү, өркүндөө, өсүү, жогорулоо. *Өнүккөн чарба. Колхоздун экономикасы тез өнүгүп көтөрүлдү.*

ӨНҮКТҮР өнүк этишинин аркылуу мамилеси.

ӨНҮМ *зат.* Өнүп чыккандык, өсүп, өнүп чыгуу сапаты. *Жер таштуу жана ак топуракту болгондуктан, эгиндин өнүмү кем (Жантөшев).*

ӨН ҮМДҮҮ *сын.* 1. Өсүмдүү, өнүмү жакшы *сепкен үрөнүңүз өнүмдүү болсо, күзүндө кампаңыз да түшүмгө жык толот* (Сыдыкбеков).

2. Өндүрүмдүү. *Азыр шахтёр эмгеги өнүмдүү да, жеңил да болуп бара жатат* (Сасыкбаев).

ӨҢҮҮ өн этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢ I *зат.* Реалдуу чындык, адамдын жашап турган өмүрү. *Бактым келер өлгөндө эмес, өңүмдө* (Аалы). *Өмүрүмдө мындай сонун көрбөгөм, Өңүмбү же түшүмбү деп санадым* (Калык).

ӨҢ II *зат.* 1. Бет, жүз, чырай. *Сын-сыпаты, өңү дал атасынын өзү* (Бейшеналиев). *Өңдү көрсө жүз таят* (макал). *Өңү эмнегедир жылуу учурады* (Сасыкбаев).

2. Түс. *Чычырканак, шилби, четин, долоно, Өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул). *Тянь-Шандын мөңгүсүнөн бүткөн соң Суунун өңү Мөлтүрөгөн мөл болор* (Маликов).

3. Материянын сыртка караган жагы. *Өңү түктүү кездеме. Бул кездеменин ичи менен өңүнүн айырмасы жок.*

◆ **Өң тааныш** — сыртынан гана тааныш, көрүшүп же учурашып гана жүргөн адам. **Өң карама** — ким экендигине карай мамиле кылган, ким экендигине карай сүйлөп, керек болсо, мурдагы сөзүнөн да тайган адам. **Өң-алет** — жалпы эле өң, кишинин жүзү, түсү. *Өң-алеттен кетүү. Өң-алет жок.*

ӨҢ III *такт.* Өңкөй, өңчөй, жалаң, чылк. *Мындан аз гана күн илгери өң жаштар болушуп сейил курушуп чыгышкан булуң көрүндү* (Сыдыкбеков). *Шайланып өң эпкиндүү кирип келди, Түзүлгөн беш бригад жалаң жаштан* (Бөкөнбаев).

ӨҢ IV *этиш.* Эңкейип, боюн жашыра далдаланып, билинбестен жакын баруу-га аракет кылып жылуу. *Жолборсун чукул жетелеп, таштан-ташка жамынып, кийиктерди өңүп жөнөдү* («Ала-Тоо»). *«Өтсүн калмак мындай» деп, Өңүп турат Табылды* («Эр Табылды»).

ӨҢГӨ *сын.* Башка, бөлөк, өзгө. *Билгизбей, кайдан болсо ала качам, Эми жок, мындан өңгө айтар сөзүм* (Үмөталиев).

ӨҢГӨК: өңгөк-дөңгөк — өңгүл-дөңгүл, түз эмес. *Өңгөк-дөңгөк таласы Оруп турат деп уктум, Каары келген адамды Соруп турат деп уктум* («Манас»).

ӨҢГӨЧ *зат.* Жеген азык ооздон ич жакты көздөй өтүүчү жолдогу түтүкчө сыяктуу орган. *Кекиртек, кызыл өңгөчү, Кирген суудай куркурап* («Манас»). *Жөтөл кетпейт кыйкылдап, Өңгөчүң тынбай чыйкылдап* (Шукурбеков).

◆ **Өңгөчүн үзө тартуу** — таң калганда, суктанганда чыйкылдаган катуу үн чыгарүу. *Какылдак өңгөчүн үзө тартты* (Сыдыкбеков).

ӨҢГӨЧӨ *такт.* Өзгөчө, айрыкча, башкача, бөтөнчө.

ӨҢГҮ: өңгү-дөңгү — өңгүл-дөңгүл менен бирдей *к.* **өңгүл.**

ӨҢГҮЛ: өңгүл-дөңгүл — түз эмес, ой-

дө-ылдый, аң-дөң, тегиз эмес. *Анын [конторанын] кире бериши өңгүл-дөңгүл, анын үстүнө тайгак болуп калыптыр* (Убукеев). *Адыр-адыр бел басып, Өңгүл-дөңгүл тоо ашып, Манас жөнөп калганы* («Манас»).

ӨҢГҮРӨ *этиш.* 1. Катуу озондоп үн чыгаруу, ыйлоо. *Айшанын эки баласы тең өңгүрөп ыйлап жибериштн* (Баялинов).

2. Катуу үн чыгарып мөөрөө. *Энелери өңгүрөп, музоолору мөөрөп турат* (Жантөшев). *Түн ортосу ченде маңдайдагы белестен топостордун өңгүрөп өкүргөн үнү тынчтыкты кетирди* (Убукеев).

ӨҢГҮРӨӨ өңгүрө этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢГҮРӨТ өңгүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢДӨ *этиш.* 1. Ашатылган терини бордоп туруп, челин, үстүнкү керексиз катмарларын кырып таштоо, териге таза түс берүү. [*Татыгүл*].. *кечке байлардын терисин өңдөйт, өрмөгүн согот* (Сыдыкбеков).

2. Түс берүү, белгилүү бир өңгө келтирүү. *Кызыл менен өңдөдү. Сары менен өңдөдү.*

ӨҢДӨЛ өңдө этишинин туюк мамилеси.

ӨҢДӨН *этиш.* 1. Окшоо, сыяктануу. *Кайда жүрсөң ак көгүчкөн өңдөнүп, Дайым менде сенин шайыр элесиң* (Аалы).

2. Өңүнө чыгуу. *Ал мурункусундай болбой өңдөнүп калды.*

ӨҢДӨНТ өңдөн этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢДӨНҮҮ өңдөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢДӨӨ өңдө этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢДӨШ I *сын.* Өңү окшош, өңү, түсү бирдей. *Баарынын кийгендери өңдөш, бир үлгүдө тигилгендей окшош кийимдер* (Сыдыкбеков).

ӨҢДӨШ II өңдө этишинин кош мамилеси.

ӨҢДҮҮ *сын.* 1. Сулуу, өңү-түсү жакшы; өңү-кебетеси жакшы. *Майра өзүнүн кызына окшогон өңдүү-түстүү токтоо киши* (Абдумомунов).

2. Сыяктуу. *Кычан.. тогоо, илгич өңдүү майда буюмдарды жасап коёт* (Бейшеналиев). *Биригип биз өңдүүлөр колхоз болдук* (Турусбеков).

ӨҢКӨЙ I *такт.* Өңчөй, чылкый, жалан, бүтүндөй. *Сугарып окуу билим булагына, Окутуп өңкөй жашты алга сүрөп* (Үмөталиеев).

ӨҢКӨЙ II *этиш.* Эңкее бөкчөйүү, далысын бүкүрөйтүп өбөктөгөндөй абалда болуу. *Саал өңкөйүп,.. кичирээк асканын башында мылтыгын асынып Алыбек турат* (Жантөшев).

ӨҢКӨЙТ өңкөй этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢКӨЙҮҮ өңкөй этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢКӨҢДӨ *этиш.* Бөкчөңдөө, эңкейип. бөкчөйгөн кыймыл-аракетте болуу. [*Шарип*] *өңкөңдөп сандыкты издеди* (Бейшеналиев).

ӨҢКӨҢДӨӨ өңкөндө этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢКӨҢДӨТ өңкөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢӨР I *зат.* Бир нерсенин ички бетине пайда болгон жука кыртыш, былжырлуу бүртүкчө, кабыкча. *Тиштин өңөрү эртең менен көп болот* («Ден соолук»).

ӨҢӨР II *этиш.* Атка, өгүзгө же башка унааларга мингенде баланы же башка бир нерсени астына алган абалда алып жүрүү. *Келген.. Динарды алдына өңөрдү* (Сыдыкбеков). *Жол менен өгүз минген абышка бир таңгак сабоо өңөруп, тоодон түшүп келе жатты* (Баялинов).

ӨҢӨРЛӨН *этиш.* Өңөр каптоо, өңөр басуу. *Тилинин учу жана жандары кызарып түлөгөн сыяктуу болуп, агыш өңөрлөнүп калат* («Ден соолук»).

ӨҢӨРЛӨНТ өңөрлөн этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢӨРЛӨНҮҮ өңөрлөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢӨРЛҮҮ *сын.* Өңөрү бар, өңөр түшкөн.

ӨҢӨРТ өңөр этишинин аркылуу мамилеси.

ӨҢӨРҮҮ өңөр этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢӨРҮШ өңөр этишинин кош мамилеси.

ӨҢҮ өң IV менен бирдей. *Өңүп басып жакын келип, Кыйкырышты качырып* (Үмөталиев).

ӨҢҮЛ *этиш.* Эңкейүү, өңүгөн сыяктанып эңкейүү. *Өңүлүп баланын бетинен өптү.*

ӨҢҮЛҮҮ өңүл этишинин кыймыл атоочу.

ӨҢҮР *зат.* Кийимдин көкүрөктөн этекке чейинки тилкеси. *Этектин эки өңүрүн кайрып, куруна кыстарып, шымаланып чай сунуп, ишке киришти* (Убукеев). *Көсөө абышка.. эки өңүрүн эки жакка ачып жиберип,.. оңурая калды* (Сыдыкбеков).

ӨҢҮТ *зат.* Билгизбей туруп кол салууга, көз жүгүртүүгө, өңүп барууга ыңтайлуу мерчемдүү жер, аңдып туруучу жай. *Өлчөөсүн алып калмактын Өңүтүн болжоп салды эми* («Эр Табылды»). [*Карышкыр*] *өңүттөн ылдам козголуп,.. койлорго ыкыс берип калды* (Аалы).

ӨҢҮТТҮҮ *сын.* Өңүтү бар, өңүтү ыңгайлуу. *Өңүттүү, шек жер калбасын, Карай көр таштар далдасын* (Аалы). *Өңүттүү жер.*

ӨҢЧӨЙ *такт.* Өңкөй, жалан, чылк. *Өңчөй жаштар. Өңчөй кыздар.*

ӨӨ *туур.* Окшугусу, кускусу келгендеги чыккан дабышты көрсөтүү үчүн колдонулат. *Ата, балдар шаштырдың, Мына Төштүк, мына — деп, «Өө!» — деп кусуп койду эле* («Эр Төштүк»).

ӨӨДӨ өйдө менен бирдей.

ӨӨДҮК: өөдүк-сөөдүк — өйдө-ылдый, тегиз эмес; өңгүл-дөңгүл. [*Жибек курт*] *өөдүк-сөөдүгү жок, тептегиз орогонун көр* (Таштемиров).

ӨӨК *зат.* 1. Мал терисинин көкүрөк (төш) жакты бөлүгү. *Өөк жүнүн кыркып бүткөндөн кийин койдун алдыңкы оң бүтү кыркмачынын оң тизесин көздөй артка тартылат* («Кыргызстан айыл чарбасы»).

2. Малдын көкүрөк жак капталы. *Качып бара жаткан шайкалардын кээ бирөөлөрү аттарынын ары өөгүнө бир түшүп, берки өөгүнө бир түшүп* [*баратат*] (Сыдыкбеков).

◆ **Таң кулан өөк салуу** *же* **болуу** *к.* **таң.**

ӨӨКТӨ *этиш.* Теринин боор жагынан, ортодогу жиктен узунунан тилүү.

ӨӨКТӨӨ өөктө этишинин кыймыл атоочу.

ӨӨКТӨТ өөктө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨӨЛАЙ *зат. сүйл.* Бөбөк, кичинекей бала. *Сен апаңа жолто кылбай, өөлайыңды ойнотқун, макулбу?* (Аалы).

ӨӨН I *зат.* 1. Кийизден, териден, кездемеден, темирден ж. б. кесилип таштал-ган майда-чүйда кесиндилер. *Өөн бириксе тон болбойт, ынтымак болбой эл болбойт* (макал).

2. *өт.* Жетишпегендик, кемчилдик. *Эки чабан бардык жактан өз ара өөн таба алышпады* (Каимов). *Кээ адам жөндөмдүүдөн жөнүн тапкан, Ар иштин боло турган өөнүн тапкан* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Жагымсыз, өзүнө тартпаган, жат, эрөөн, комсоо. [*Түркүндүн*] *ыйлаганы өтө өөн учурады* (Бейшеналиев). *Чындап эле эркек кишинин казан-аякка жүрүшү Шарипке өөн учурады* (Бейшеналиев).

ӨӨН II *зат.* Ойдун жер, кокту. *Машырап чымын-куюн болуп өөнгө түштү* (Абдукаримов).

ӨӨНӨ *этиш.* 1. Бир нерсенин өөнүн алып салуу, чет-бучкактарын, кереги жогун кесүү, четин кесүү.

2. *өт.* Анча-мынчасын өзүнө алып калуу, толук же бүт бойдон бербөө; үзүп-жулуп, эптеп, кымтып өзүнө пайда түшүрүп алуу. [*Байлар*] *Кайра эптеп өз сенин өзүңөн өөнөп калгылары келет* (Абдукаримов).

ӨӨНӨӨ өөнө этишинин кыймыл атоочу.

ӨӨНӨТ өөнө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨӨНЧҮЛ *зат.* Кыйкымчыл, айыпчыл. *Өгөй өөнчүл, жетим көкчил* (макал).

ӨӨРЧҮ өрчү менен бирдей.

ӨП I: өп-чап — тартыш, анча көп жеткидей эмес, жетер-жетпес, жетишсиз. *Субан илгертен кедей, өз оокаты өзүнө өп-чап* (Жантөшев). — *Азырынча* [*аттардын жем-чөбү*] *өп-чап.*

ӨП II *этиш.* Жакшы көргөндүгүн, сүйгөндүгүн, урматтагандыгын билдирүү иретинде кезикканде, коштошкондо ж. б. учурларда эрдин тийгизүү, эрдин тийгизип сүйүү. *Кубанып балам келди деп, Кучактап өөп бетимден* (Нуркамал). *Зордоп өпкөн—жез өпкөн* (макал).

◆ **Оозумду ачып өпкөнүм** — эненин биринчи баласы, туңгучу.

ӨПКӨ *зат.* 1. Көкүрөк клеткасынын ичине орношкон адамдын жана жаныбарлардын дем алуу органы. *Өпкө — дем алуу органы. Койдун өпкөсү.*

2. Өпкө турган туш; каптал. *Анан бир чапса эки меңкүрөн Шыйпаң торусун өпкөгө тепкилеп, Дарбыз жейин деп, арабакечтерге жете келди* (Шүкүрбеков).

3. *өт.* Таарыныч. *Балам өлсө барбансың, Таарынган өпкө, кирди айтам* (Токтогул).

◆ **Ала өпкө** — ала көөдөн, менменсип курулай күүлөнмө. *Апырылтып калп айтып, Ала өпкө болот ары жок* (Токтогул). **Жел өпкө** *к.* **жел I. Өпкөсүн колуна кармоо** — обу жок мактанып желиге берүү, көкүрөгүн өргө айдап абдан мактануу. **Өпкөсү жок** — желиккен мактанчаак, курулай күүлөнүп желиге берме, дардаңкүү. **Ак өпкө** — жөткүртүп, жөтөлтө берүүчү мал оорусунун аты. **Жоон өпкө** — мен-менсинген ала көөдөн. **Өпкөсү көбүү** — 1) шолоктоп ыйлоо, аябай катуу ыйлоо. 2) дардаңдап мактануу, менменсинүү, желигүү. **Өпкөсү өпкөсүнө батпоо** — абдан энтиге солуктап ыйлоо, көп ыйлап абдан өпкөсү көөп калуу. **Кара өпкө** — 1) абдан жугуштуу эчки оорусу. *Кара өпкө болгон эчки көздөнүп* (Жантөшев). 2) эчкилерге карата тилдөө, каргыш иретинде айтылуучу сөз. **Өпкөмдү чабайын** — бирөөгө карата (көбүнчө балага карата) жалынып-жалбаруу иретинде айтылат. *Оозуңа май, өпкөмү чабайын,— деди Гүлайым* (Абдукаримов). **Өпкөсүн калбыр кылуу** — аябай жалынып-жалбаруу. **Өпкө чабыш** *же* **өпкө чаптырмай** — *эс.* чоң аш-тойлордо эки адам жаңы союлган **малдын** өпкөсү менен көйнөксүз жылаңач **өпкө са**лгылашкан оюн, мелдеш. **Өпкө чабуу** — бирөө аман-эсен келгенде же оорудан айыкканда кырсык, оору ушуну менен чыгып кетсин деген ырым менен эчки союп, өпкөсүн ошол кишиге тийгизгенден кийин, башынан тегеретип, көбүнчө иткe таштоо. [*Калтабай*] *бир улак алдырып келди да,.. Сатылганга өпкө чапты* (Аалы). **Өпкөсү казанбактай болуу**—абдан катуу таарынып калуу. **Өпкө тон** *же* **өпкө кап** — *диал.* жеңи жок кыска желетке, чыптама.

ӨПКӨЛӨ *этиш.* 1. Өпкөсү көбүү, өпкөсү көөп солуктоо. [*Маталиф*] *өпкөлөп ыйлаган баладай шолоктоп, үнүн араң гана чыгарды* (Жантөшев).

2. Таарыныч кылуу, таарынуу.

ӨПКӨЛӨӨ өпкөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨПКӨЛӨТ өпкөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨПКҮЛӨ *этиш.* Тез-тез, удаа-удаа кайталап өбүү. *Ысман кучакташкан эки бөбөгүн көкөлөтө көтөрүп, өпкүлөп жиберди* (Аалы). *Ыргып барып энекесин кучактап, Өпкүлөдү, алкымынан жыттады* (Осмонкул).

ӨПКҮЛӨӨ өпкүлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨПКҮЛӨШ өпкүлө этишинин кош мамилеси.

ӨПӨЙ *этиш.* Коомайыраак, эпсиз, ыңгайсыз абалда өчөйө тартып отуруу. *Өтүкчү өпөйүп отурду атка, Ат минип көргөн эмес башта* (Шүкүрбеков). *Күйкөдөй өпөйүп, атка мингенин кара* («Советтик Кыргызстан»).

ӨПӨЙТ өпөй этишинин аркылуу мамилеси.

ӨПӨЙҮҮ өпөй этишинин кыймыл атоочу.

ӨПӨҢ: өпөң-өпөң этүү — өпөйгөн абалда соксоң-соксоң этүү (мис., ат үстүндө). *Абышка өпөң-өпөң желдирип келди.*

ӨПӨҢДӨ *этиш.* Өпөң-өпөң этүү, өпөң-өпөң эткен көрүнүштө болуу.

ӨПТҮР өп этишинин аркылуу мамилеси.

ӨР I *зат.* 1. Айдөөш, айдөөш тарткан жер. *Жол барган сайын кыйындап, өргө айланды* (Баялинов). *Жол өр тарткан сайын..* [*Динардын*] *жүрөгүнүн согушу тездеди* (Сыдыкбеков).

2. Көкүрөгү бийик, көкүрөктүү. *Өркөчү бийик өр кула* («Манас»).

ӨР II *этиш.* Чачты, кайшыты, жипти үчтөн же андан көп кылып бөлүп алып, бири-бирине айкалыштырып эшүү, ирети менен чырмаштыруу, бир өзөккө бириктирүү; эшүү. *Эки бөлүп өргөн чач. Ий майда кылып өргөн камчы.*

ӨР III өрү менен бирдей.

ӨРГӨӨ *зат.* 1. Жаңы үйлөнгөндөргө арналып тигилген боз үй. *Ак өргөө тигип, той союп, Асем менен берем деп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Эки капшытта оолагыраак тигилген эки ак өргөө эки уулунуку* (Убукеев).

2. Тамак-аш жасабаган, таза турчу боз үй. *Ак өргөөгө ат чабышчу, Көк бөрү да бериишчү* (Аалы).

ӨРГҮ *этиш.* 1. Тыныгуу, өрүү кылуу, жолдо эс алуу. *Ушундай өргүп албасак аттар чаалыгып калды* («Ала-Тоо»).

2. Күчүнө кирүү, кубатына кирүү. *Жакыптын уулу Манассың, Жаңы өргүгөн баласың* («Манас»).

ӨРГҮТ өргү этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРГҮҮ өргү этишинин кыймыл атоочу.

ӨРДӨ *этиш.* 1. Өр тарапты көздөй, өйдө көздөй жүрүү, капчыгайдын, коктунун баш жагын көздөй же суунун агымына каршы жүрүү. *Түзүн бастым, өрдөшүндө өрдөдүм, Ууз кымыз көлдөрүндө көлдөдүм* (Осмонов). *Коктуну жогору карата өрдөй бергенде, алдыбыздан мылтык үнү чыкты* (Жантөшев). *Өзөндө ошол айылдан, Суу өрдөп жылкы жайылган* (Токтомушев).

2. Түлөө, жапырт түлөп түшүү. *Койдун жүнү өрдөп калды.*

ӨРДӨК *зат.* Жазы тумшуктуу, жаргак тамандуу сууда сүзүүчү куш. *Көгөргөн көл шарпылдайт, Өрдөк, каз ойноп каркылдайт* (Шүкүрбеков).

◆ **Беш өрдөгүн же кырк өрдөгүн учуруу — калп айтуу, жок калпты ойлоп таба коюу.**

ӨРДӨТ өрдө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРДӨШ *зат.* Коонун, колоттун өр тарткан жери. *Көз жетпеген өрдөштө Сан жетпеген мал жатат* (Осмонов). *Үй биз жылкы токтоткон коктунун өрдөшүндө болучу* (Баялинов).

ӨРДҮР өр II этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРКӨН: өркөнүң өссүн — өлкөнүң өссүн менен бирдей *к.* **өлкөн. Өркөнү өсүү** — бардык жагынан өсүү, кең-кесири болуу, алга кетүү; бак-таалайлуу болуу. *Дүркүрөп өсүп, Колхоз, совхоз, Туш-тушта, Курулду, жаңы, Өркөнү өсүп бар жактан* (Элебаев). *Омор уулуна эскертип коёт — Жакшы өс.. өркөнү өскөн элдин обону бийик чыгат!* (Сыдыкбеков).

ӨРКӨНДӨ *этиш.* Илгерилөө, өркүндөө, өнүгүү, дүркүрөп өсүү. *Төлгө төл кошулуп, эгинден түшүм көбөйүп, колхоз өркөндөй баштаган кез* (Сыдыкбеков). *Кыйрыбыз өсүп өркөндөп, Кызыгын көрсөк дүйнөнүн!..* (Жантөшев).

ӨРКӨНДӨӨ өркөндө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРКӨНДӨТ өркөндө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРКӨНДҮҮ *сын.* Өскөн, өнүккөн, өркүндөгөн. — *Карыбас кагылайын алтын энем, Өркөндүү элим өңдүү чаркың кенен* (Аалы).

ӨРКӨЧ *зат.* 1. Төөнүн жонунда майдан чогулуп, үркүюп, сороюп чыгып турган дөмпөк. *Өркөчтөрү баладай семиз төө. Аскар бууранын эки өркөчүнүн ортосуна тура калып, колун улам созду* (Сыдыкбеков). *Айры өркөч нарга жүк артып, Ак үйүн чечип бүт артып* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. *өт.* Малдын ыйык жалына жакын бүкүрөйүңкү, уурчуктанган жери. [*Сарымсаков аттын*] *далысын, өркөчүн, соорусун, туяктарын.. байкады.. Эч кандай өөн таба албады* (Байтемиров).

ӨРКӨЧТӨН *этиш.* Өркөч сыяктанган көрүнүштө болуу. *Төккөн нардай өркөчтөнүп, Тоолор жатат кенге толуп* (Маликов). *Күлдүрөп көбүктөнө өркөчтөнгөн суу көз ачып-жумганча атчанды алып жөнөдү* (Айтматов).

ӨРКӨЧТӨНҮҮ өркөчтөн этишинин кыймыл атоочу.

ӨРКҮНДӨӨ *этиш.* Өсүү, өрчүү, өсүп-өнүү, өнүгүү. *Чыңал, кыргыз, өркүндөгүн жайнагын, Жеңиш үчүн көтөр эмгек байрагын!* (Аалы). *Мекениң, айыл чарбаң өркүндөдү, Татыктуу иш бүтүрдүң көңүлдөгү* (Осмонкул).

ӨРКҮНДӨӨ өркүндө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРКҮНДӨТ өркүндө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРМӨ: өрмө камчы — өрүлүп жасалган камчы. *Тагай.. Алымкулду өрмө камчы менен жонго берип калды* (Абдукаримов).

ӨРМӨК *зат.* Кыргыз элинин токуу ста-

ногу. *Жайдын күнү бир үйгө Узун өрмөк курулду* (Осмонкул).

ӨРМӨКЧҮ I *зат.* Өрмөк согуучу киши.

ӨРМӨКЧҮ II *зат. диал.* Жөргөмүш.

ӨРМӨЛӨ *этиш.* Жөрмөлөө, жөрмөлөп жылуу. *Жатмак кайда! Тасмадан цемент кетет дөңгөлөп. Түздөн тоого тескери Аккан суудай өрмөлөп* (Аалы). *Жаздын жашыл гүлдөрү Жаш өмүрдөн өрмөлөп, Күчөп күнгө умтулган Симфония өңдөнөт* (Аалы).

ӨРМӨЛӨӨ өрмөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРМӨЛӨТ өрмөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРМӨЛӨШ өрмөлө этишинин кош мамилеси.

ӨРМӨЧҮ *зат.* Өрө билген, өрүп жасаганды жакшы билген киши. *Кайышчылардын ишин күлкү менен кызыткан береги төрдө олтурган өрмөчү* (Сыдыкбеков).

ӨРНӨК *зат.* Үлгү, мисал, үлгүлүү иш, үлгү болуучу сапат. *Өзүң жок, өрнөгүң бар, иши тирүү, Арадан ата Ленин өткөн менен* (Үмөталиев).

ӨРНӨКТҮҮ *сын.* Үлгүлүү, үлгү болорлук. *Өрнөктүү иш. Өрнөктүү окуучу.*

ӨРӨ: өрө кийиз *к.* **кийиз.**

ӨРӨЛӨ өрөөлө менен бирдей.

ӨРӨӨ *зат.* Өрөөлөп байланууучу байлоо, жылкыны тушоонун ушундай түрү.

ӨРӨӨЛӨ *этиш.* Жылкынын алдыңкы бир бутунун баймагы менен арткы бутунун санын бириктирип (оң буту менен оң бутун, сол буту менен сол бутун) байлоо, тушоо. *Бош боясо качып кетер деп, Муну койгон тушап өрөөлөп* («Сариншин—Бөкөй»).

ӨРӨӨЛӨН өрөөлө этишинин өздүк мамилеси.

ӨРӨӨЛӨӨ өрөөлө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРӨӨЛӨТ өрөөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРӨӨН I *зат.* 1. Тоонун ортосундагы жер суу бойлото созулган чоң узун тилке мейкиндик. *Өрүщү кенен малга жай, Өрөөнү пахта, данга бай* (Токтогул). *Арабакечтер сай сымал өрөөн менен жүрүп отурушту* (Жантөшев).

2. Адамдын денесинин бир жак жаны, ыптасы. *Оң өрөөнүм бут бойдон ооруйт.*

ӨРӨПКҮ *этиш.* Жүрөгү көтөрүлүү, алеп-желеп болуу, толкунданууу, алып учуу; ээлигүү. *Жүрөгүнүн өрөпкүгөнү бая эле басылган* (Сыдыкбеков). *Өрт жалындай бала экен, Өрөпкүгөн жоону алган* («Курманбек»). *Кулагы бирдемени чалып калса,.. аны ар кимдерге айта бергиси келип, өрөпкүп турган адамдар да болбой койбойт* (Убукеев).

ӨРӨПКҮТ өрөпкү этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРӨПКҮҮ өрөпкү этишинин кыймыл атоочу.

ӨРӨСКӨӨЛ *сын.* Орой. *Өрөскөөл киши.*

ӨРТ *зат.* 1. Курулушту, буюмдарды ж. б. өз кучагына алып алоолоп, жалындап күйгөн от. *Өрт өчүрүп нечен кирдим түтүнгө* (Нуркамал).

2. *өт.* Өткүр, курч. *Бадарыңардан өтүмдүү өрт ошол. Керез экөөң эмне Жүгүнүңөр бош* (Бейшеналиев). *Өрт жүрөктүү — курч кайрат, Октон кайра качпагын* (Осмонкул).

ӨРТТӨ *этиш.* 1. Өрт коюу, күйгүзүп жиберүү, өрт чыгаруу, от коюу.

2. *өт.* Жалындатуу, шыктандыруу, делебесин козгоо; ичин күйгүзүү. *Чын Токтогул сен болсоң, Өрттөбөй айткын ичимди* (Токтогул). *«Күйсөң күй» — деп, кашты серпип күлгөнүн, Жаныңды өрттөп жалт-жалт карап жүргөнүң* (Маликов).

ӨРТТӨЛ өрттө этишинин туюк мамилеси.

ӨРТТӨН өрттө этишинин өздүк мамилеси.

◆ **Сакалы өрттөнүү** — уятка калуу, уят болуу, абийири кетүү (улгайып калган кишилерге карата).

ӨРТТӨШ өрттө этишинин кош мамилеси.

ӨРҮ *этиш.* Көп санда каптап жүрүү. [*Тооктор, күрптөр*] *туш келген жакка өрүп оттоп жүрүшөт* (Касымбеков). *Көрдүңбү, чаңдап калды суунун жээги, Мал эмес ал—кайберен өрүп жаткан* (Токобаев).

ӨРҮК *зат.* Өңү саргыч, эти жумшак келген сөөктүү жеміш жана ошол жемиштин жыгачы. *Өзүң жеген: өрүк, жаңгак, мейиздей Колхозду да ширин, таттуу кылалы* (Осмонов). *Чоң түп өрүк. Өрүк гүлдөдү.*

ӨРҮЛ өр II этишинин туюк мамилеси.

ӨРҮЛҮК *зат.* Үйүнүн же айлынын жанына жаңы көчүп келген кишиге тамак-аш же союш алып баруу менен көрсөтүлгөн сый. *Өрүлүк кылды Ашымды, Өң кедейлер жыйылып* (Осмонкул).

ӨРҮЛҮКТӨ *этиш.* Жаңы көчүп келгендерге тамак-аш көтөрө барып сый көрсөтүү, же чакырып тамак аш берүү. *Колунда барлар өрүлүктөп, кой-козусун да, чай-майын да алып келип жатышты* («Ала-Тоо»).

ӨРҮЛҮКТӨӨ өрүлүктө этишинин кыймыл атоочу.

ӨРҮЛҮКТӨТ өрүлүктө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРҮМ *зат.* Чачтын жана башка өрүлө турган нерселердин бири-бири менен айкалышып өрүлгөн түрү. *Эки өрүм кара чач толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). [*Ракыяның*] *өрүмдөн калган бир топ чачы маңдайына түшүп кеткен эле* (Байтемиров).

ӨРҮМЧҮ *зат.* Ат жабдыктарын (куюшкан, жүгөн, камчы ж. б.) өрүп жасоочу адам, жакшы өрө билген киши.

ӨРҮТ өрү этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРҮҮ I *зат.* Дем алуу, тыныгуу: тыныгуу үчүн бир жерге токтоп өргүү. *Өрүү болуу. Өрүүдө үч күн болушат.*

ӨРҮҮ II өр этишинин кыймыл атоочу.

ӨРҮҮ III өрү этишинин кыймыл атоочу.

ӨРҮҮН өрүү I менен бирдей.

ӨРҮШ I *зат.* Айылга жакын мал жайыты. *Өрүшү кенен малга жай, Өрөөнү пахта, данга бай* (Токтогул). *Жергежээгиңер көбөйүп, кенен өрүш алгыла* (Жантөшев). *Карышкыр.. өрүштү жана жайытты кыдырып көрдү* (Каимов).

ӨРҮШ II өр II этишинин кош мамилеси.

ӨРҮШТҮҮ *сын.* 1. Өрүшү бар, өрүшү кенири. *Конуш өрүштүү болсун!*

2. Кең көкүрөктүү, омуроосу чоң.

ӨРЧҮ *этиш.* Өсүү, өнүгүү. *Ойлоп турсам көз жиберип, Өстүк өрчүп күн санап!* (Бөкөнбаев). *Өрттөй өрчүп өскөн элдин таалайы, СССРде күндө сонун жаңылык* (Калык).

ӨРЧҮТ өрчү этишинин аркылуу мамилеси.

ӨРЧҮҮ өрчү этишинин кыймыл атоочу.

ӨС *этиш.* 1. Өнүп чыгуу, өнүп чыгып жетиле берүү, өнүгө берүү. *Калың чөптөр бой тирешкен, Түркүн сонун гүл өскөн* (Бөкөнбаев). — *Булар [көчөттөр] өсүп шактаса, кыштактын көркү болот* (Убукеев).

2. Чоңоюу, улам жетилүү. *Тең туулуп, тең өскөн, Темтеңдеп ойноп жаш кезден* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ташбай аке бак-дарак асырап өскөн багбан адам* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Өркүндөө, жогорулоо; өнүгүү, өрчүү, илгерилөө, алга кетүү. *Октябрдын жалынынан төрөлгөн Жаңы кыргыз өнүп, өсүп көгөргөн* (Аалы). [*Жүкөш*] *окуду, өстү, бүткүл кенден чыккан сулуу кызга да үйлөндү* (Сасыкбаев).

4. *өт.* Көбөйүү, артуу, арбуу, жогорулоо. [*Жети жылдыкта*] *колхозчулардын кирешелеринин өсө тургандыгы каралган* («Советтик Кыргызстан»).

ӨСКӨЛӨҢ *сын.* 1. Өсүп кеткен, бир кыйла өсүңкү. *Өскөлөң чач. Чөбү өскөлөң болуп калган.*

2. *өт.* Эргиген, көтөрүңкү. *Өскөлөң тартып бийикке серпилген көйрөң көңүл экен* (Сыдыкбеков).

ӨСКӨР өстүр менен бирдей.

ӨСӨК *зат.* Ушак, айың. *Барса айылга кобурап, Басылбайт мунун өсөгү* (Тоголок Молдо). *Өз боюн өсөктөн сактаган Чаргын түндөн турат* (Сыдыкбеков).

ӨСПҮРҮМ *зат.* 1. Бойго жетип, толо элек балдар (12—16 жаштар чамасындагы эркек балдар жана кыздар). *Он төрттөн он бешке караган өспүрүм кези. Өспүрүм балдар.. ар нерсеге дилгир, зирек келет* («Ала-Тоо»).

2. Өсүп келе жаткан жаштар, жаш жеткинчектер. *Өспүрүм жаңы муундарды тарбиялоодо эң маанилүү роль советтик мектепке таандык* («Коммунист»).

ӨСТӨН *зат.* Чоң суудан бөлүнүп алынган сугат каналы, чоң арык. *Электр станциясына суу агызчу өстөн казылат* (Сыдыкбеков). *Кичинекей булактардан чоң өстөн куралгандай ой-сезим кеңиди* (Сыдыкбеков).

ӨСТӨНЧҮ *зат.* Өстөн казгандар. *Мына дагы бир зор таш. Өстөнчүлөр бат эле ал ташты айланта үңүп, туш-тушган калтек согушту* (Сыдыкбеков).

ӨСТҮР өс этишинин аркылуу мамилеси.

ӨСҮМ *зат.* 1. Өсүү жөндөмдүүлүгү, өсүү сапаты, касиети.

2. Карызга же пайдалануурга берилген нерсенин проценти, сүтү. *Өсүмгө берүү. Күзгө өсүмгө берилген согум.*

ӨСҮМДҮК *зат.* Абанын жана жер кыртышынын органикалык эмес заттары менен азыктанып органикалык заттарды пайда кылуучу жана кандайдыр бир орунда өсүүчү организм. *Ал кашатта кардай болуп агарган узун-узун тилкелер, алар дары-дармек өсүмдүктөрү* (Абдумомунов). *Аянты өсүп, Дандар толук себилет. Эчен жаңы Өсүмдүктөр эгилет* (Турусбеков).

ӨСҮҮ өс этишинин кыймыл атоочу.

ӨТ I *зат.* Боор бөлүп чыгаруучу саргыч жашыл түстөгү ачуу суюктук. *Бул кымыздын ичинде: үч тамчы ак кажырдын өтү бар* (Жантөшев).

2. *өт.* Курч, өткүр, шамдагай. *Өт жигит.*

ӨТ II *этиш.* 1. Бир жерден экинчи бир жакка басуу, үстүнөн басып, экинчи тарабынан чыгуу. — *Байбиче, келиңиз, көрсөткөн орунга өтүңүз* (Сыдыкбеков). *Көп жылкыны чубатып, Көсөр калмак өткүчө Артынан жөө барамын* («Эр Табылды»).

2. Мурда болуп кетүү, оңдо учурда убактысы, мезгили жагынан алганда бүтүп калган абалда болуу. *Кезегимдин өткөнүн Ойлоно калдым бүгүн мен* («Курманбек»). *Арадан бир жыл өттү. Бир саат өттү.*

3. Батып кетүү, катуу басып бата түшүү. *Таманынан таш өтүп, Маңдайынан тер кетип* («Манас»). *Аркан өтүп сыздаган бели оор жүктү.. таштагандай жеңилди* (Аалы).

4. Катуу таасир калтыруу, жапа чектирүү, жанга бата түшүү. *Асыл булбул Токоңо Айдоонун даты көп өткөн* (Токтогул). *Жүрөгүм мокоп калыптыр, Кудайназар как баштын Кордугу өтүп ашып* («Эр Табылды»).

5. Кесип, тешип же көзөп кетүү. *Кылыч таса, Төштүккө өтпөгүдөй кыларда* («Эр Төштүк»). *Жүрөгүн тешип өтсөм Аткан октой* (Барпы).

6. Сиңүү, таралуу. *Кадыры элге бөтенчө Өткөн жигит жакшы экен* (Барпы).

7. Озуу, ашып кетүү, артыкчылык абалда, ашкан абалда болуу. *Туугандан өтөм десең — кой бак, душмандан өтөм десең — аштык бак* (макал).

8. Өтүмдүү болуу, тез сатылып же тез алынып кетүү. *Тез өткөн товарлар. Базарга саткан алмалары бат эле өтүп кетти.*

9. *өт.* Ажалы жетүү, каза болуу, жок болуп кетүү. *Өзүң жок, өрөөгүң бар, ишиң тирүү, Арадан ата Ленин өткөн менен*

(Үсөнбаев). *Ажал жетсе амалсыз, Биз да бир күн өтөбүз* (Токтогул).

◆ **Дүйнөдөн өтүү** — каза болуу, жашоодон кетүү, өлүү. *Бейли жумшак кебезден, Ел дагы өттү дүйнөдөн* (Токтогул). **Ичи өтүү** — ичи бузулуу, чычактоо. *Кара нан жеп, ич өтүп, Далай адам өлүштү* (Токтогул). **Көзү өтүү** *к.* **көз. Алдынан өтүү** — кечирим суроо, күнөөсүн мойнуна алуу , жөн-жайын айтып түшүндүрүү. **Өтө чабуу** — аша чабуу, ашкере кетүү. **Чымчып өтүү** — какшык, кычаштык сөз айтуу. **Сөзү өтүү** — бирөөнү сөзгө келтирүү, тил алдыруу. **Так өтүү** *к.* **так III.**

ӨТКӨЗ өткөр менен бирдей.

ӨТКӨК: ич өткөк — ичи өткөн оору. *Ич өткөк болгон козу.*

ӨТКӨӨЛ *зат.* 1. Бир нерсени өткөрүү үчүн жасалган жол; өтө турган жер, кечүү, кечмелик. *Ашыр тик өткөөл менен өтүп, Мустафалардын тобуна жетти* (Сасыкбаев). [*Суунун*] *чыгыш тарабы болсо өткөөлү патаал жайда калың чер* (Жантөшев).

2. Шахталарда, кендерде, туннелдерде ж. б. өтүп туруучу жер, жай.

ӨТКӨӨЛЧҮ *зат.* Тоо-кен иштеринде, туннелдерде ж. б. өткөөл жасоочу жумушчу.

ӨТКӨР *этиш.* **өт** этишинин аркылуу мамилеси.

ӨТКӨРҮҮ өткөр этишинин кыймыл атоочу.

ӨТКӨРҮШ өткөр этишинин кош мамилеси.

ӨТКҮН *зат.* Белгилүү бир тилке менен тез жаап өткөн жаан, күн катуу, текши буркөлбөгөн учурдагы кыска мөөнөттүү жаан. *Кыйла күндөн бери өткүн да болгон жок* (Байтемиров). *Аткулактуу төрду өткүн мөндүр сабап-сабап тургандай класс ичи дуу-дуу көтөрүлдү* (Сыдыкбеков).

ӨТКҮНДӨ *этиш.* Өткүн болуп жаап кирүү, кыска мөөнөт менен жаап өтүү.

ӨТКҮР *сын.* 1. Курч. *Ташка тийип кетилди, Далай болот өткүр миз* (Токтогул). *Канжардын өткүр мизи анын оң кулагын шылып түштү* (Сыдыкбеков). *Колундагы кайлоонун Курчтугу өткүр болоттой* (Осмонкул).

2. *өт.* Тайманбас, тартынбаган, өтүмдүү. *Кузьма Ашырдын.. өткүр мүнөзүн жактырар эле* (Сасыкбаев). *Өткүр жигит өйдө өтөт, Жүргөн жерин гүлдөтөт* (Үмөталиев).

◆ **Көзү өткүр** — теше тиктеген, көз карашы курч. *Жүкөштүн көзү өткүр, кыймылы тез, сүйлөгөнү ыкчам* (Сасыкбаев).

ӨТКҮРДҮК өткүрлүк менен бирдей.

ӨТКҮРЛҮК *зат.* 1. Курчтук, бир нерсеге тийсе кесип кетүүчүлүк. *Биздин чапкан алмаз болот кылычтын Өткүрлүгүн кылым бою эстесин* (Осмонкул).

2. *өт.* Тартынбастык, тайманбастык, өтүмдүүлүк. *Кырмусшаанын Мурадыл Өткүрлүгү арбын, өзү жаш* («Манас»).

ӨТКҮРСҮ өткүрсүн менен бирдей.

ӨТКҮРСҮН *этиш.* Өзүн өткүр, тайманбаган киши катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, өтүмдүү киши сыяктанып көрүнүүгө тырышуу. *Өткүрсүнгөн киши.*

ӨТКҮРСҮНҮҮ өткүрсүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨТМӨ *сын.* Улам бирөөгө өткөрүлүп бериле турган. *Өтмө Кызыл Туу. Өтмө желек.*

◆ **Өтмө катар** — абдан сиңген; абдан сиңишкен, бири-бирине абдан кадыры өткөн; аралашкан. *Өтмө катар дос. Өтмө катар сөөк-тамыр.*

ӨТӨ I *бөл.* Эң, абдан, аябаган, аябай, эң эле. *Өсумдүккө өтө керектүү: күн жана аба!* (Сыдыкбеков). *Өтө шайыр кишиэле, Ыр жазуудан жадабас* (Осмонкул). *Мындай карышкырлар өтө сейрек* (Жантөшев).

ӨТӨ II *этиш.* Бир нерсени аткаруу, иштөө, иш жүзүнө ашыруу, белгилүү мөөнөткө кызмат кылуу. *Бул жакшылыгыңды өтөөрбүз* («Ала-Тоо»). *Ошентип, айрылышкан муңдуу энем, Канткенде мээнетиңди өтөп берем?* (Аалы). *Өтөбөй калайыктын бир кызматын Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып* (Бөкөнбаев).

ӨТӨК *зат.* Тоо этегиндеги ойдун, оюраак жер, тоо этеги. *Мен өтөктөгү корумга чыктым* (Жантөшев). [*Жайыттын*] *ойдун өтөк жерлери ырганган кара кыяк* (Убукеев). *Өтөк жери көйкөлгөн, Өзөндө аккан суусу бар* (Осмонов).

ӨТӨЛ өтө этишинин туюк мамилеси.

ӨТӨЛГӨ *зат.* Кандайдыр бир көрсөткөн кызматы, жардамы ж. б. үчүн берилүүчү сый, алкыш, акы.

ӨТӨӨ өтө этишинин кыймыл атоочу.

ӨТҮК I *зат.* Кончу узун бут кийим. *Өтүгүң тар болсо, үйүңдүн кендигинен не пайда* (макал).

◆ **Эки буту бир өтүккө кийилүү** *к.* **бут I. Кийиз өтүк** — басып жасалган кийиз чокой.

ӨТҮК II үтүк менен бирдей.

ӨТҮКТӨ үтүктө менен бирдей.

ӨТҮКЧҮ *зат.* Өтүк ултаруучу, өтүк тигүүчү адам. *Өтүкчү өтүккө жарыбайт* (макал).

ӨТҮКЧҮЛҮК *зат.* Өтүк тигүү, ултаруу боюнча кесипчилик, өтүк,бут кийим тигүү, ултаруу кесиби.

ӨТҮЛ өт II этишинин туюк мамилеси.

ӨТҮМ: *зат.* 1. Өткүрлүк, тайманбастык, тартынбастык. *Өтүмү жок жигит.*

2. Тез өтүп кетүүчүлүк, тез сатылып кетүүчүлүк. *Же болбосо өтүмү жок бирдемелерди бердирип, өзүн соодага ыңгайсыз жерлерге алмаштырып жиберет* («Советтик Кыргызстан»).

ӨТҮМДҮҮ *сын.* 1. Өткүр, тайманбаган, тартынбаган, курч, өткүр. *Өмүрбекке караганда Гулай өтүмдүү сыяктуу эле*(Аалы).

2. Тез өтүп кетүүчү, тез сатылып кетүүчү, керектүү, көп керектелүүчү. *Өтүмдүү мал.*

ӨТҮМДҮҮЛҮК *зат.* 1. Өткүрлүк, тайманбастык, тартынбастык, курчтук, жалтанбастык.

2. Тез өтүп кетүүчүлүк, тез сатылып кетүүчүлүк.

ӨТҮМСҮЗ *сын.* 1. Өтүмдүү эмес, өткүр эмес, жоош. *Өтүмсүз жигит. Өтүмсүз сөз.*

2. Өтүмдүүлүгү начар, тез өтпөй турган, тез сатылып кетпей турган. *Өтүмсүз мал. Өтүмсүз товар.*

ӨТҮН *этиш.* Сурануу, сураныч менен бирөөгө кайрылуу. [*Капсалаң*] *Ызакулга атайылап назарын салып өтүндү* (Бейшеналиев). *Ошого* [*мөмө тоюна*] *катышып анан кетүүнүздү коллектив, Кузьмич ага, сизден өтүнөт* (Сыдыкбеков).

ӨТҮНҮҮ өтүн этишинин кыймыл атоочу.

ӨТҮНҮЧ *зат.* Суроо, тилек, сурануу, сураныч. *Уулунун өтүнүчүнө Ырайымжан дароо жооп бере алган жок* («Ала-Тоо»). *Колхозчулар Чүкөбайдын өтүнүчүн орундатышты* (Баялинов).

ӨТҮНЧ *туурасы:* **өтүнүч.**

ӨТҮРҮК *зат.* Жалган, калп. *Кайдасыңар кадимки старчындар, Сөзүнүн жарымы өтүрүк, жарымы чындар* (Тоголок Молдо).

ӨТҮҮ өт этишинин кыймыл атоочу.

ӨХ *сырд.* Чарчаганда, кыйналганда, терең дем алганда колдонулат. — *Өх, жеңе! Шылдыңды кой суусап кеттик* (Турусбеков).

ӨЧ I *зат.* Кек, качандыр бир кезде көрсөткөн кордугу, ызасы ж. б. үчүн алынуучу кек. *Ашырдан өч алсам дегенде..* [*Кайып*] *ак эткенден так этет* (Сасыкбаев). [*Анна*] *Душманга каршы салгылашып, энеатасы үчүн өч алды* (Сасыкбаев).

ӨЧ II *этиш.* 1. Күйүп турган от, жанып турган шам, жарык ж. б. күйүүдөн, жарык берүүдөн токтолуу. [*Жураевдин*] *маңдайындагы шамы али өчө элек* (Сасыкбаев). *Түн бою көз ирмебей из караган, Алыста маекчинин чырагы өчтү* (Осмонов).

2. Өңү, түсү мурдагыдай болбой азуу, оңо баштоо, бир нерсенин бетине түшкөн из, так, жазуу ж. б. эскирип, сүрүлүп жок болуу, билинбей калуу. *Өңү өчүп, күзгү гүлдөй болуп калды, Күлшайы бураган кыз тал чыбыктай* (Осмонов). *Ураган дубалдарга өчпөсүн деп, Жеңишти, жоокер атын жаза-жаза* (Үмөталиев). *Жылдар өтө берет, Кумдар көчө берет, Издер өчө берет* (Сасыкбаев).

3. *өт.* Каза болуу, дүйнөдөн кайтуу, ажал жетүү. *Артынан күйөөсүнүн Гүлнар жеңе Жалп этип жел үйлөгөн шамдай өчтү* (Үмөталиев).

ӨЧӨЙ *этиш.* Абдан бөкчөйгөн абалда болуу, өпөйгөн, өпөйүп отурган абалда болуу. *Карыдым деп өчөйбөй, кайратыңы жыйна* (Жантөшев).

ӨЧӨЙТ өчөй этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЧӨЙҮҮ өчөй этишинин кыймыл атоочу.

ӨЧӨҢДӨ *этиш.* Өчөйгөн, өпөйгөн көрүнүштө, көбүнчө ат үстүндө бараткан да селкилдеген абалда болуу.

ӨЧӨҢДӨӨ өчөңдө этишинин кыймыл атоочу.

ӨЧӨҢДӨТ өчөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЧӨШ *этиш.* Көрсөткөн кордугуна, ызасына же башка аракетине, мамилесине карама-каршы иш кылуу, тескерисинче мамиле түзүү, каршыгып калуу, айыгышып калуу, өчүгүү. *Өчөшсөң, Миңбай, Атакан, Мени да жыгып аларсың* (Токтогул). *Мен өчөшкөндөй болдум, жатып алдым* (Бөкөнбаев).

ӨЧӨШТҮР өчөш этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЧӨШҮҮ өчөш этишинин кыймыл атоочу.

ӨЧҮГҮҮ өчүк этишинин кыймыл атоочу.

ӨЧҮГҮШ өчүк этишинин кош мамилеси.

ӨЧҮК *этиш.* Өч болуу, өчөшүү. *Өчүккөн жоону кыйратып, Өлкөңдүн антын актагын* (Бөкөнбаев).

ӨЧҮКТҮР өчүк этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЧҮР өч этишинин аркылуу мамилеси.

ӨЧҮРГҮЧ *зат.* Жазууну өчүрө турган резина.

ӨЧҮҮ өч этишинин кыймыл атоочу.

ӨШ *сырд.* Үйларды айдоодо, кайрууда колдонулат. *Өш! — деди да, келин тескери баскан торпокту утурулады* (Убукеев).

П

ПААНА *зат.* 1. Калканч, баш калкалоочу жай. *Кылчылдап аяз түнү жолдо бастым, Паана жок баш калкалар карда жаттым* (Абдыраманов).

2. *өт.* Тирек, таяныч, колдоо. *Паана кылса өз элин, Аны кудай атабы* (Токтогул).

ПААНАЛА *этиш.* 1. Калканч табуу, баш калкалоо, баш калка кылуу. *Ажар менен Каныбек пааналаган бадалды тегеректеп калышты* (Жантөшев).

2. *өт.* Тирек, таяныч табуу, өзүнө жактоо, колдоо табуу, бирөөгө каралап туруп калуу. *Туугандарыбызды пааналап, турмуш оңолор бекен деп келдик* (Каралаев). *Эми эч буйдалбастан баланы ээрчитип алып башка бир жерге барып паанала* (Жантөшев).

ПААНАЛАТ паанала этишинин аркылуу мамилеси.

ПААНАЛОО паанала этишинин кыймыл атоочу.

ПААША пашаа менен бирдей.

ПАВИЛЬОН *зат.* 1. Соода-сатык, көргөзмө, экспонаттар үчүн ж. б. максаттарда жеңил-желпи жасалган үй, жеңил имарат, айбанча. *Павильондордо алма,*

алча, коон, дарбыз, алмурут, жүзүм сыяктуу дүйүм жемиштер турат (Байтемиров). *Гүл павильону.*

ПАДА *зат.* Кайтарууга, оттотууга чыгарылган уйлардын тобу, бада. *Жашымда багып жүргөнмүн Калматбайдын падасын* (Барпы).

ПАДАЧЫ *зат.* Пада баккан адам, бадачы. *Айла таппай жалдырап, Падачы болдум жашымдан* (Барпы).

ПАДНОС поднос менен бирдей.

ПАДЫША *зат.* Кээ бир өлкөлөрдө монархтын аты, титулу жана ушундай титулу бар адам. *Зулум падыша, байманаптын тушунда элди, жерди кара туман каптаган* (Нуркамал).

ПАДЫШАЛЫК *сын.* 1. Падышага, падыша башкарган бийликке таандык.

2. Падышачылык. *Орус падышалыгына караган.*

ПАДЫШАЧЫЛЫК *зат.* Башында падыша турган бийлик, падышалык өкмөт. *Орус падышачылыгы. Падышачылыкка каршы күрөш.*

ПАЁК *зат.* Белгилүү мөөнөткө өлчөп норма боюнча берилүүчү азык-түлүк.

ПАЙ I *зат. диал.* Тарамыш. *Кызыталак Бото ууру, Кескен экен пайымды* (Барпы).

ПАЙ II *зат.* Катышуучусу тарабынан жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн төгүлүүчү үлүш. *Мурдагы соода кызматкерлери ошол күйүүчү майдан жегенби, чайдан жегенби же элден чогултулган пайдан жегенби, ким билсин, баары тең.. бир мезгилде кызматтарынан алынды* («Чалкан»).

ПАЙ III: пай-пай *сырд.* Таң калгандыкты, ички күчтүү сезимди, ыраазы болуп моокуму кангандыкты билдирүүдө колдонулат. *Пай-пай, сууктун күчүн карачы, тим эле бетти жалайт* (Байтемиров). *Пай-пай.. ушул имаратка биздин райондун элин бүт киргизсе да бөксө келер эле* (Бейшеналиев).

ПАЙГАМБАР *зат.* Диний түшүнүк боюнча: кудайдын өкүлү, анын айтканын адамдарга түшүндүрүүчү, таратуучу олуя. *Азирети Искендер Пайгамбар деген ушунда* («Манас»). *Пайгамбар жок дегенди Тозокко айдап салган деп, Док кыласың молдоке* (Барпы).

ПАЙДА I *зат.* 1. Киреше, олжо. *Кызыл кулак сүткорго пайда чыгар мал жакшы* (Жантөшев).

2. Жакшылыкты көздөгөн иш, кандайдыр бир кызыкчылыкты, таламды көздөгөн жакшылык. *Өмүркул да ыраазы: «Кызыл чекте — элим көрсүн уулумдун пайдасын» деп* (Үмөталиев). *Карындашым талыкпа, Пайдаңды чач калыкка* (Аалы).

ПАЙДА II: пайда болуу — келип чыгуу, көрүнүү, боло калуу. *Сен кайдан пайда боло калдың, ыя?* (Сыдыкбеков). *Кара сойлоктой шыпылдаган бала пайда болду* (Бейшеналиев).

ПАЙДАКЕЧ *зат.* Пайда чыгарып алуучу, пайда таап алуу жагын гана ойлогон адам.

ПАЙДАЛАН *этиш.* Кандайдыр бир иште колдонуу, бир нерседен же бирөөдөн кандайдыр бир пайдалуу натыйжа көрүү үчүн колдонуу, керегине жаратуу. *Көрсөтмө куралдарды пайдаланып сабак өтүү. Эмгек куралдарынан пайдаланды.*

ПАЙДАЛАНУУ пайдалан этишинин кыймыл атоочу.

ПАЙДАЛАНЫЛ пайдалан этишинин туюк мамилеси.

ПАЙДАЛУУ *сын.* Пайдасы бар, пайда келтирүүчү, кандайдыр бир максат үчүн керектүү. *Ошентип, пайдалуу ишимди мугалимдик менен баштадым* (Сыдыкбеков). *Арашан менен Жети-Өгүз Адамга дары, пайдалуу* (Бөкөнбаев).

ПАЙДАСЫЗ *сын.* Пайдасы жок, пайда келтирүүгө, кандайдыр бир максат үчүн кереги тийүүгө жаратуу эмес, натыйжасыз.

ПАЙДУБАЛ *зат.* 1. Дубалдын түбү, негизи; фундамент.

2. Абдан калың, бийик дубал; чептин коргону.

ПАЙЛА *этиш. диал.* Күтүү, аңдуу; байкоо. *Эки карыш дураны, Ороп алып башына, Киши өлсө деп пайлайсың* (Барпы).

ПАЙНАП майнап менен бирдей.

ПАЙСА I *зат.* Сокмо дубалдын катмары. *Алты пайса дубал.*

ПАЙСА II *зат.* 50 грамм өлчөмүндөгү салмак чени. *Эки пайса чай.*

ПАЙЩИК *зат.* Пай төлөөчү киши, кандайдыр бир иштин пайына катышуучу киши. *Керек-жарак кооперациясынын пайщиктери.*

ПАКЕНЕ *зат. диал.* Кыска, жапалдаш жапыз. [*Ыскак*] *бою пакене, бирок чымыр, куудул жигит* («Жаш ленинчи»).

ПАКЕТ *зат.* 1. Тамак-аш салынуучу кагаз баштык; кагазга оролгон таңгак.

2. Ишке тиешелүү официалдуу каты бар конверт. [*Солдат*] *беш жеринен сургуч менен печеттелген пакетти алып Медведевге берди* (Жантөшев). [*Чабаган*] *пакетти председателге сунуп, эки жагын кылчактай карады* (Сасыкбаев).

ПАКТ *саяс.* Чоң саясий мааниси бар эл аралык договор, келишим. *Кол салышпоо жөнүндөгү пакт.*

ПАКТА *туурасы*: пахта.

ПАЛ I *зат.* Шалы өстүрүү үчүн суу көлмөктөп тургудай кылып тегерете төрт бурчтук түрүндө көтөрүлгөн жал, жээк кылып көтөрүлгөн жер. *Пал жасап, толтуруп сууга, айдап аны, Жаз менен Дыйкан аба септи шалы* (Борбугулов). *Өрдөктөр палдын шалысын сыдырып жеп коёт* (Абдукаримов).

ПАЛ II: пал ачуу — төлгө тартуу.

ПАЛАНЧА баланча менен бирдей.

ПАЛАТА I *зат.* Ооруканадагы, дарылоо жайларындагы оорулар жатуучу айрым бөлмө, комната. *Бул оорулуу адамды 6-палатага жаткырышты.*

ПАЛАТА II *зат.* 1. СССР Жогорку Советинин составына кирүүчү закон чыгаруучу жогорку мамлекеттик органдын аты. *СССР Жогорку Совети эки палатадан — Союз Совети менен Улуттар Советинин палаталарынан турат.*

2. Кээ бир өлкөлөрдөгү өкүлдүк мекеменин аты. *Парламенттин жогорку палатасы. Төмөнкү палата.*

3. Кандайдыр бир багыттагы ишти алып баруу жагы жүктөлгөн кээ бир мамлекеттик мекемелердин аты. *Китеп палатасы. Соода палатасы.*

ПАЛАТКА *зат.* 1. Кичине дүкөн, ларёк.

2. Чатыр. *Көл жээгинде пионер лагеринин палаткалары көрүнөт.*

ПАЛОО *зат.* Эт, май, сабиз жана башка татымал салып, күрүчтөн жасалган, демдеп бышырылган тамак. *Палоо бышып, табакка салынды* (Жантөшев).

ПАЛУБА *зат.* Кеменин бети, үстү. *«Б..» колхозунан келген боз балдар үстүнкү палубага чыгып кетишиптир* (Сыдыкбеков).

ПАЛЬМА *зат.* Башы куш жүнүнүн талындай эки жакка чачырап же желпигичтей жайылып турган жалбыректар менен капталган, ар дайым көгөрүп туруучу, бийик болуп сыйда чыккан түштүктө өсүүчү жыгач.

ПАЛЬТО *зат.* Костюмдун же башка жеңил сырт кийимдердин үстүнөн кийилүүчү этеги узун тыш кийим. *Кышкы пальто. Жеңил пальто. Тукаба пальто. Драп пальто.*

ПАМФЛЕТ *зат. адаб.* Кандайдыр бир адамга, коомдук түзүлүшкө, саясий абалга ж. б. каршы багытталган публицистикалык какшыктуу чыгарма.

ПАН *зат.* Польшалык жана революцияга чейинки мезгилдеги украиналык, белоруссиялык помещик, дворян. *Кутурган ач бөрүдөй хандар, пандар Мыжыккан жүрөгүңдү жазбай уучун* (Аалы). *Пан Крушинский менен таанышкамын* (Шамшиев).

ПАНАР *зат.* 1. Фонарь; айнектүү шам. *Эки көзү күйүп турган панарга окшойт* (Үметалиев).

2. Чырактын шишеси, айнеги.

ПАНБАРКЫТ *зат.* Жука жибек баркыттын бир түрү.

ПАНЕЛЬ *зат.* Үйдүн ички дубалынын төмөн жагына бойлото капталган тактай же боёлгон тилке. *Жаңгак жыгачынан жасалган панель.*

ПАНОРАМА *зат.* 1. Бийиктен караганда алыска созулуп жаткан кандайдыр бир жердин көрүнүшү. *Шаардын панорамасы.*

2. Жарыгы төбөсүнөн түшүп турган тегерек бөлмөнүн бооруна алды жагы чоң тартылган көлөмдүү сүрөт. *Севастополь панорамасы.*

ПАНСИОН *зат.* 1. Революцияга чейинки Россиядагы жатаканалуу орто мектеп.

2. Туруучуларды тамак-аш менен жана башка бардык жактан камсыз кылып тейлеп туруучу кичине мейманкана.

3. Бирөөнүн үйүндө акча төлөп тамак ичип, жатып туруу.

ПАНСИОНАТ *зат.* Пансион (2-маанисинде).

ПАҢСАТ *зат. тар.* Беш жүз кишинин башчысы, ошондой эле басмачылар отрядынын башчысы.

ПАПИК *зат.* Чачы, чачык.

ПАПИРОС *зат.* Тартуу үчүн ичине тамеки толтурулган кагаз түтүк, чылым. [*Калыбек*] *колундагы өчүп калган папиросун суюга ыргытты*(Шимеев). [*Мергенчи*] *койчудан жай сурап папирос тарта баштады* (Сасыкбаев).

ПАПКА *зат.* Ичине кагаз салып сакташ үчүн ылайыкталып картондон, булгаарыдан ж. б. жасалган мукаба; кармагычы жок портфель. [*Сапар*] *папкасын колтуктап Шариптин артынан чыкты* (Бейшеналиев).

ПАР I *зат.* 1. Жуп, түгөй. *Пар ат чегилген араба.*

2. *өт.* Тең, тендеш. *Зарлап жүрүп мен таптым Санаамда курдаш парымды* («Олжобай менен Кишимжан»).

ПАР II *зат.* Күштүн жүнү. *Пар жаздык.*

ПАРА *зат.* Берген кишинин пайдасына кандайдыр бир законсуз иш иштеш үчүн кызмат адамына берилген акча же белек. *Пара берген чыгымын Ар түтүнгө салчу эле* (Аалы).

ПАРАГРАФ *зат.* Китептин, жобонун, макаланын ж. б. ичиндеги өз алдынча мааниге ээ болгон жана белгиси менен катар сан коюлуп белгиленүүчү бөлүгү.

ПАРАД *зат.* Аскер бөлүктөрүнүн салтанаттуу кароосу; спорт, мектеп, жаштар уюмдарынын ж. б. салтанаттуу жүрүшү. *Атчан аскерлердин парады. Жөө аскерлердин парады. Спортсмендердин парады. Биринчи Май парады.*

ПАРАЗИТ *зат.* 1. *биол.* Мите, башка организмдин эсебинен жашоочу өсүмдүк же жаныбар.

2. *өт* Арам тамак, жатып ичер.

ПАРАКЕЧ **паракор** менен бирдей.

ПАРАКОР *зат.* Пара алуучу, пара жегич. *Паракорлор кызыгат Бир токочтук тыйынга* (Барпы).

ПАРАЛА *этиш.* Пара берүү, пара берип өз пайдасына иштетүү. *Толтуруп «кедеймин» деп анкеттерди, Паралап баягыда нечендерди* (Элебаев).

ПАРАЛАТ **парала** этишинин аркылуу мамилеси.

ПАРАЛЛЕЛИЗМ *зат.* 1. *мат.* Сызыктардын бирдей аралыкта катарлашып жарыш абалда болушу.

2. Көрүнүштөрдүн бирдейлиги, жанаша жүрүшү, бир эле иштин бир нече жерде катар иштелиши. *Эки мекеменин ишиндеги параллелизм.*

ПАРАЛЛЕЛЬ 1. *мат.* Арасы бирдей эки жарыш сызык.

2. *геогр.* Жер шарынын экваторго жарыш алынган болжолдуу сызыктары, тилкеси.

ПАРАЛОО **парала** этишинин кыймыл атоочу.

ПАРАНЖЫ *зат.* Кээ бир күн чыгыш элдеринин аялдары бетин көрсөтпөө үчүн жамынуучу чүмбөт, парда. *Анархан менен Дарыяхан көчөгө чыкканда дайыма паранжы жамына турган* (Жантөшев).

ПАРАШЮТ *зат.* Өтө бийиктиктен же самолёттон секирип түшкөндө же жүк түшүрүлгөндө абада ачылып кетип, төмөндөө

ылдамдыгын акырындатуучу чоң чатыр. *Парашют менен секирүү. Казандап ұчат жалбырак Парашюттай салбырап* (Үмөталиев).

ПАРАШЮТИЗМ *зат.* Парашют менен секирүү теориясы жана практикасы; парашют спорту. *Парашютизм өрчүдү, Атагы көккө үгулуп* (Үмөталиев).

ПАРАШЮТИСТ *зат.* Парашютчу, парашют менен секирип түшүүчү, парашютизм менен иришкен адам.

ПАРАШЮТЧУ парашютист менен бирдей.

ПАРДА *зат.* Көшөгө, эшикке же терезеге тартылуучу көшөгө, калкалап коюуга ылайыкталган материя, ткань. *Үйдүн ..терезелерине парда тартылып, гүлдөр коюлган* (Баялинов).

ПАРЗ парыз менен бирдей.

ПАРЗАНТ *зат.* Бала. *Өмүрдө парзант көрбөй кайгы тарткан.. Өкүнүп жаратканга арзын айткан..* (Бөкөнбаев). *Айттым эле Бөкөйгө Парзантым, сенин зарыңан* (Үсөнбаев).

ПАРИК *зат.* Жасалма чач, кийме чач.

ПАРИКМАХЕР *зат.* Чачтарач, парикмахерскаяда чач алуу, сакал-мурут алуу, боёо сыяктуу иштерди иштеген киши.

ПАРИКМАХЕРСКАЯ *зат.* Чачтарач, чач, сакал-мурут алуу, боёо ж. б. иштерди иштөөгө арналган жай.

ПАРК *зат.* 1. Абдан жайлуу чоң бак, ичинде адамдар эс алып сейилдеп жүрүүгө шарт түзүлгөн чоң бактуу жай. *Ойдогу кабарган — маданият паркы.* (Сасыкбаев).

2. *сог.* Армияны жабдуучу көчмө склад.

3. Машина, трамвай ж. б. туруучу жана ремонтолоочу жай. *Трактор паркы. Трамвай паркы.*

ПАРЛАМЕНТ *зат.* Мамлекеттин закон чыгаруучу өкүлдүк жогорку чогулушу.

ПАРЛАМЕНТАРИЗМ *зат.* Башында парламент турган мамлекеттик башкаруу системасы.

ПАРЛАМЕНТЁР *зат.* Согушта душман менен сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө жиберилген элчи.

ПАРЛАМЕНТТИК *сын.* Парламентке таандык.

ПАРМАН *зат. эс.* Буйрук. *Он миңдеген эмгекчил букаралар.. падыша өкмөтүнүн.. парманына.. каршылык көрсөтүштү* (Абдукаримов).

ПАРНИК *зат.* Эрте бышуучу жашылчаларды, көчөттөрдү өстүрүү үчүн арналган, үстү алынып коюлма айнектелген рамалар менен жабылган жай, жылыткыч.

ПАРОВОЗ *зат.* Темир жол поездин сүйрөп жүрүүчү буу кыймылдаткычтуу локомотив.

ПАРОЛЬ *зат.* Өз адамы экенин билүүгө көлдонула турган жашыруун сөз, шарттуу белги. *Акматты үнүнөн таануй койгон Маманазар алкымы бууланып, кырылдаган үнү менен паролун зорго айтты* (Жантошев).

ПАРОМ *зат.* Адамдарды, жүктү ж. б. суудан өткөрө турган чоң, жалпак, калаксыз кайык же сал.

ПАРОМЧУ *зат.* Паром менен алып өтүүчү киши.

ПАРОХОД *зат.* Буу кыймылдаткычы аркылуу жүрүүчү кеме. *Пассажир пароходу. Жүк ташуучу пароход.*

ПАРТА *зат.* Үстүнкү тактайы эңкейиш келип, отургучу менен бириктирилe жасалган окуучулар отуруу үчүн ылайыкталган стол.

ПАРТЕР *зат.* Көрүү залынын төмөнкү орундары. *Партерде отурсаң, эң жогорку ярустардагы кишилер асканын башына чыгып отурган балдар сыяктуу кичинекей көрүнүшөт* (Шимеев).

ПАРТИЗАН *зат.* Партизандык согуштун катышуучусу, партизандык отряддын боецу.

ПАРТИЗАНДЫК I *зат.* Элдин өз алдынча уюшкан отряддарынын душмандын тылында ага каршы жүргүзгөн кураддуу күрөшү, партизандардын жүргүзгөн күрөшү, аракети, абалы; партизанчылык. *Эр бүлө.. партизандык кылууга токойго кетишти* (Сыдыкбеков).

ПАРТИЗАНДЫК II *сын.* Партизандарга таандык, партизандар тарабынан жүргүзүлгөн. *Партизандык согуш. Партизандык кыймыл. Партизандык отряд.*

ПАРТИЗАНЧЫЛЫК партизандык менен бирдей.

ПАРТИЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир таптын уюмдашкан жогорку формасы болуп, ошол таптын бир кыйла активдүү бөлүгүн түзгөн, анын таламын жактап жана душман таптарга каршы жүргүзгөн күрөшүнө жетекчилик кылуучу саясий уюм. *Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы. Жумушчулар партиясы. Демократиялык партия. Өзүм сүйүп, өзүм кирген партия, Берчи мага кыйын-кыйын тапшырма* (Үмөталиев).

2. *сүйл.* Партиянын мүчөсү.

3. Белгилүү бир максатта биримдешкен же бириктирилген адамдардын тобу, отряд. *Геологиялык партия. Изилдөөчүлөрдүн партиясы.*

4. Белгилүү бир өлчөмдөгү, көбүнчө көбүрөөк сандагы товарлардын, нерселердин тобу. *Товарлардын жаңы партиясы.*

5. *муз.* Көп үндүү музыкалык чыгарманын бир инструмент же киши тарабынан аткарылган айрым бөлүгү. *Скрипканын партиясы. Ленскийдин партиясы.*

6. Бир жолку ойнолгон оюн, бир саам оюн. *Бир партия шахмат ойноо.*

ПАРТИЯЛУУЛУК *зат.* 1. Партияга мүчө болгондук, партиянын катарында болгондук.

2. Белгилүү бир партиянын, белгилүү бир таптын принциптери менен максатына ылайык келүүчүлүк; марксисттик-лениндик партиянын принциптерине туура келүүчүлүк. *Сын адабияттын партиялуулугунун принцибин түшүндүрүп жана пропагандалоого тийиш* («Советтик Кыргызстан»).

ПАРТИЯЛЫК *сын.* 1. Партияга таандык (1-маанисинде): *Партиялык уюм. Партиялык жооптуу кызмат.*

2. Партиялуулук (2-маанисинде). *Адабият партиялык болууга тийиш* («Советтик Кыргызстан»).

ПАРТКАБИНЕТ *зат.* КПССтин комитеттеринин алдындагы саясий-агартуу кабинети. *Райкомдун парткабинети. Заводдун парткабинети.*

ПАРТКОМ *зат.* Партиялык комитет.

ПАРТОРГ *зат.* Партиялык уюштуруучу (партиялык группанын жетекчиси). *Цехтин парторгу.*

ПАРУС *зат. дең.* Кеменин түркүктөрүнө керилип байланып, жел согуу аркылуу кемени, кайыкты айдоого ылайыкталган калың кездеме.

ПАРФЮМЕРИЯ *зат.* Жыпар жыттуу жана косметикалык товарлар.

ПАРЧА *зат.* Алтын же күмүш жип кошулуп токулган жибек кездеме.

ПАРЫЗ *зат.* 1. *дин.* Мусулман үчүн аткарылышы милдеттүү болгон талап.

2. *өт.* Милдет, сөзсүз аткарылууга тийиш болгон милдет. *Ата менен эненин эзелден берки биринчи парызы—баланы өстүрүп чоңойтуу* (Абдукаримов).

ПАС I *сын.* 1. Төмөн, ылдый, жапыз. *Оромолуң пас тартып Бүркөнөсүң, өзгөчөм* (Барпы). *Бирөө бийик, бирөө пас, Бир болбойт жандын баарысы* (Осмонкул). *Ал боюпас, арык чырай, бирок тырышчаак бала* (Каимов).

2. *өт.* Анчалык эмес, начар, бош, төмөн, көтөрүңкү эмес. *Пас болуп отурган Мыякандын үнү эми көтөрүңкү чыкты* («Ала-Тоо»). *Акылман Жамгыр жан элем, Мени асылган оору пас кылдың* (Үсөнбаев).

ПАС II: бир пас — бир аз убакыт, аз убакыт. **Бир паста** — аз убакыттын ичинде, тез эле, ары-бери. *Адам болмок — аста-аста, айбан болмок—бир паста* (макал).

ПАСПОРТ *ват.* 1. Кишинин ким экендигин, гражданды гын күбөлөөчү документ. *Советтик паспорт. Мөөнөтсүз паспорт.*

2. Машиналардын ж. б. чарба жабдыктарынын каттоодон өткөзүлгөндүгүн билдирүүчү документ. *Станоктун паспорту.*

ПАССАЖИР *зат.* Поездге, пароходго, самолётко ж. б. түшүп жол жүрүүчү жүргүнчү, жолоочу.

ПАССИВ *зат. бух.* Бир ишкана же мекеменин жалпы карызы же милдети.

ПАССИВДҮҮ *сын.* Активдүү эмес, ынтаасыз, демилгесиз, ишкер эмес.

ПАСТА I *зат.* Камыр өндүү масса. *Жатаарда атайын тиш пастасы же порошогу менен щетка аркылуу тишти таза жуун туруу эң эле пайдалуу* («Ден соолук»).

ПАСТА II *этиш.* Төмөндөө, ылдыйлоо. *Акылай онунчу чырактын пастаган билигин жогорулатты* («Ала-Тоо»).

ПАСТАТ паста этишинин аркылуу мамилеси.

ПАСТОО паста этишинин кыймыл атоочу.

ПАСТЫК *зат.* 1. Төмөндүк, жапыздык.

2. Адамгерчилиги жоктук, жамандык, адамгерчилиги төмөндүк. *Менин туугандарым өздөрүнүн пастыгын, ач көз, сараңдыгын [көрсөтүштү]* (Аалы). *Байкап тааный баштадык Асылдык менен пастыкты* (Аалы).

ПАТЕНТ *зат.* 1. Ойлоп чыгаруучунун ошол нерсени ойлоп чыгаргандыгын күбөлөөчү документ.

2. Соода кылууга же бир нерсе өндүрүү укугуна ээ экендигин ырастоочу күбөлүк.

ПАТЕФОН *зат.* Ящик же кичине шкаф формасындагы граммофондун бир түрү. *Үйүнө кайтканда патефон коюп, музыка укканды Ниязкул.. жакшы көрөт* (Токтомушев).

ПАТИР I *зат. диал.* Сүткө, майга жуурулуп тандырга же очокко жаап бышырылган нан. *Кардыңы жарат кампайтып Бышырып койгон патири* (Барпы).

ПАТИР II *зат. сүйл.* Квартира.

ПАТНОС патунус менен бирдей.

ПАТРИАРХ *зат.* 1. Уруу коомундагы уруунун башчысы, аксакалы.

2. Православный чиркөөдө — жогорку дин бийлигине ээ болгон дин адамынын титулу.

ПАТРИАРХАТ *зат.* Уруктун башында патриарх турган алгачкы уруучулдук коомдун формасы.

ПАТРИОТ *зат.* Патриотизм менен шыктанган адам. *Токтогул өзүнүн жерин, өзүнүн элин сүйгөн улуу патриот болгон* (Бөкөнбаев).

ПАТРИОТИЗМ *зат.* Өз ата мекенине, өз элине берилгендик, аларды чексиз сүйүү жана өз родинасы үчүн ар кандай баатырлыкка жана курман болууга да ар дайым даяр тургандык. *Советтик патриотизм. Советтик жоокерлердин патриотизми.*

ПАТРИОТТУК *сын.* Патриотизм менен шыктанган, патриотко таандык. *Совет элинин кимисинин болсо да жүрөгүндө патриоттук жалын бар* («Советтик Кыргызстан»).

ПАТРОН I *зат.* 1. *тар.* Байыркы Римде: өзүнө көз каранды болгон кембагал гражданддарды коргоо жана колдоо милдетин өз мойнуна алган адам.

2. Капиталисттик өлкөлөрдө: ишкананын, фирманын ээси (өз карамагындагыларга карата).

ПАТРОН II *зат.* 1. Ок чапталган мылтык жези, атууга даярдалган ок. *Отуз экинчи мылтыктын патрону. Даяр патрон.*

2. *тех.* Ар түрдүү приборлордо бир нерсени киргизип бекитүүчү көндөй түтүк же цилиндр. *Электр патрону.*

ПАТРОНТАШ *зат.* Патрондорду салып коё турган көзөнөктүү бөлүкчөлөрү бар, көбүнчө кур катарында курчанып ала турган ок салгыч, ок салгыч сумка. *Патронташым белимде, Бат барбадым элиме* («Кыргыз фольклору»).

ПАТРУЛДА *этиш.* Патрулдук кылуу, патруль милдетин аткаруу.

ПАТРУЛДОО патрулда этишинин кыймыл атоочу.

ПАТРУЛДУК *зат.* Патруль болуу мил-

дети, патрулга таандык кызмат. *Патрулдук кылуу.*

ПАТРУЛЬ *сог.* Белгилүү райондо, согуш кемесинде, самолётто тартип сактап, коопсуздукту камсыз кылуу үчүн коюлган (аскер бөлүгүнүн, милициянын жана башка ушул сыяктуулардын) кичинекей отряды. *Патрулдар «Келе жаткан ким?»— дегенче Жумушун бүттү кылыч Кубат чапкан* (Үмөталиев).

ПАТУНУС *зат.* Тамак салынган идиштерди коюп дасторконго алып баруу же үстүнө нан, ар кандай жемиш салып дасторконго коюу үчүн арналган, тегереги кырдалып кайрылган ар кандай формадагы жайпак темир идиш, такта, патнос. *Жылдырды патунусту биз тарапка, Бир ширин тордомолуу коонун союп* (Үмөталиев).

ПАХТА *зат.* 1. Буласынан кездеме жана башка нерселер жасалуучу, уругунан май жана башка нерселер алына турган, ысык жакта өсүүчү бир жылдык техникалык өсүмдүк. *Пахта өстүрүлгөн талаа.*

2. Ушул өсүмдүктүн буласы. *Күмүш пахта дөбө-дөбө үйүлдү, Күлүп дыйкан эмгегине сүйүндү* (Бөкөнбаев). *Элесиң келет көзүмө, Ак пахта терген сулуудай* (Маликов).

ПАХТАКЕР пахтачы менен бирдей.

ПАХТАЛУУ *сын.* 1. Пахта айдалган, пахта өскөн. *Пахталуу талаа, өзөндүн Мактоого көркүн чеченмин* (Бөкөнбаев).

2. Пахта салынган, ичинде пахтасы бар. *Башында тумак жеңенин, Пахталуу күрмө кийгени* (Маликов).

ПАХТАЧЫ *зат.* Пахта өстүрүүчү. *Алпештеп аны өстүргөн Азамат дыйкан пахтачы* (Аалы). *Пахтачы, малчы досторум, суроого сенден акым бар* (Осмонкул).

ПАХТАЧЫЛЫК *зат.* Пахта өстүрүүчүлүк, чарбанын көбүнчө пахта өстүрүү багытындагы тармагы. *Кыргызстандын көп тармактуу чарбасында көрүнүктүү орундардын бирин пахтачылык ээлейт* («Коммунист»).

ПАЧКА *зат.* Бир топко бириктирилген, чапталган же бооланган бир түрдүү нерселер. *Пачка папирос. Эки пачка чай. Бир пачка газета.*

ПАША I *зат.* Падыша, монарх. *Кан менен зөлейт турбайбы пашалар алтын тактысын* (Аалы). *Манаптар мага кас болуп, Пашаның түштүм торуна* (Токтогул).

ПАША II *зат. диал.* Чиркей.

ПАШАА *зат.* Падыша, паша.

ПАШАЙЫ *зат.* Кустардык станокто согулган эрши жибек, аркагы жип, эни тайкы, айчык гүлдүү кездеме. *Пашайы, килем, жабуу, шайман, жарак, Ар түрдүү ачуу, таттуу алгын шарап* (Аалы).

ПАЯ *зат.* Өсүмдүктүн сабагы, маясы.

ПЕДАГОГ *зат.* Окутуу жана тарбиялоо иштерин кесип кылып алган адам, мугалим. *Педагог ата ар дайым уулунан кайда барганын, эмне көргөнүн көп суроочу* (Касымбеков). *Ал педагог, мен доктор, Түшүнөбүз баарына* (Аалы).

ПЕДАГОГИКА *зат.* Окутуу, билим берүү жана тарбиялоо методдору жөнүндөгү илим.

ПЕДАГОГИКАЛЫК *сын.* 1. Педагогикага таандык. *Педагогикалык адабият. Педагогикалык илимдер академиясы. Педагогикалык идея.*

2. Педагогдорду, мугалимдерди даярдай турган. *Педагогикалык институт. Педагогикалык техникум.*

ПЕДАГОГИЯ педагогика менен бирдей.

ПЕДВУЗ *зат.* Орто мектептер үчүн мугалимдерди даярдап чыгаруучу педагогикалык жогорку окуу жайы.

ПЕДИАТР *зат.* Балдар оорулары боюнча специалист — врач.

ПЕДИНСТИТУТ *зат.* Педагогиялык институт (орто мектептер үчүн мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайы).

ПЕДКАБИНЕТ *зат.* Алдынкы, мыкты педагогдордун тажрыйбасын үйрөнүп, жалпылап жана жайылтып туруучу мекеме.

ПЕДТЕХНИКУМ *зат.* Башталгыч мектептердин мугалимдерин даярдап чыгаруучу педагогикалык орто окуу жайы.

ПЕДУЧИЛИЩЕ *зат.* Башталгыч мектептердин мугалимдерин, ошондой эле балдар бакчаларынын тарбиячыларын даярдоочу педагогикалык орто окуу жайы.

ПЕЙЗАЖ *зат.* 1. Кандайдыр бир жердин, табияттын көрүнүшү. — *Да, досум, сонун жер, эстен кетпес, пейзаж* (Жантөшев). *Колхоз жеринин эртеңки пейзажын көз алдына элестетип [турду]* (Сыдыкбеков).

2. *иск.* Жердин, табигаттын көрүнүшү тартылган сүрөт.

3. *адаб.* Табиятты, анын көрүнүштөрүн көркөмдөп сүрөттөө.

ПЕЙИЛ *зат.* 1. Мүнөз, кулк-мүнөз. *Бетегелүү майданым, Пейли жакшы жайдарым* (Токтогул). *Пейили жумшак бир жансың, Бүткөндөй сонун жибектен* (Маликов).

2. Көңүл, көөн, ниет, ой. *Пейилинде жактырбайт Бекер басып жүрүштү* (Тоголок Молдо). *Пейли бузук душмандын Берген эле катыгын* (Тоголок Молдо).

◆ **Кичи пейил** *к.* **кичи I. Кең пейил**— ичи тар эмес, ак көңүл. *Кең пейил, сөзү шайыр Марфа менен, Бир окуп, бир партада бирге жүрдүм* (Абдыраманов). **Пейли тар** — ичи тар, башкаларга жакшылык кылбаган.

ПЕЙИЛДЕН *этиш.* 1. Мүнөз күтүү, бой көтөрүү, менменсинүү. *Чыканагына жаздык коюп, пейилдене бейпил отурган аял — Калдык жеңе боло турган* (Үбукеев).

2. Пейлин салуу, көңүл коё киришүү, көңүлдөнүү.

ПЕЙИЛДЕНҮҮ пейилден этишинин кыймыл атоочу.

ПЕКЕНЕ пакене менен бирдей.

ПЕНДЕ *зат.* 1. *эс.* Кудайдын кулу.

2. Адам, киши. *Пендеден сындуу дебесем, Бермет сындуу келиним, Перизаттай*

бала эле («Саринжи—Бөкөй»).—*Мунун айткан сөзүнө Кандай пенде ынанат* (Тоголок Молдо).

3. Кор болгон, азап тарткан, карып болгон адам. *Пенде болуп жол бастым Комузум жок колумда* (Токтогул).

ПЕНДЕЛИК *зат.* 1. Адамга таандык болгон кемчиликтерди, жаңылыштыктарды жиберүүчүлүк.

2. Башына кайгы түшүп мүнкүрөгөндүк, кор болгондук, карыптык. *Пенделик түшүп башыма Ачкадан жаагым карышты* (Токтогул). *Перзенттен далай ажырап, Пенделик курсун чыдадым* (Токтогул).

ПЕНДЕЧИЛИК *зат.* Пенделик. *Пендечилик кылыптыр Менин Жаңыл балдызым!..* («Мендирман»).

ПЕНИЦИЛЛИН *зат. фарм.* Көк даттуу кеберлердин кээ бир түрүнөн алынуучу дарылык препарат.

ПЕНСИОНЕР *зат.* Пенсия алуучу адам. *Атасы мага илгертен дос, Пенсионер, азыр бош* (Аалы).

ПЕНСИЯ *зат.* Закон боюнча белгиленген шарттарга ылайык инвалиддерге, карыган адамдарга ж. б. берилүүчү жардам акча. *Инвалиддиги боюнча берилген пенсия. Көп жыл иштегендиги үчүн берилүүчү пенсия.*

ПЕРЗЕНТ парзант менен бирдей. *Эркек бекен перзентим, Көзүң көрүп чыктың-бы?* («Манас»). *Кыз да болсо перзентим Кыпчакка кетип бул калса, Байбиче, кылчаюучу паана жок* («Олжобай менен Кишимжан»).

ПЕРИ *зат. миф.* 1. Көбүнчө аял кебетесиндеги сулуу, кереметтүү, азгыргыч мифтик жан.

2. *өт.* Акылдуу, айлалуу, ашкан сулуу. *Көңүлүн кыйбай ак Саткын пери, Муңая карап мындайча деди* (Осмонов). *Сиздей сулуу перини Издеп күйдүм, өзгөчөм* (Барпы).

ПЕРИГЕЙ *зат. астр.* Айдын орбитасынын Жерге эң жакын точкасы.

ПЕРИЗААДА *зат. миф.* 1. Пери тектүү, периден төрөлгөн бала, киши.

2. *өт.* Акылдуу, айлалуу, ашкан сулуу. *Перизаада Айчүрөк, Берен бейбак келгенде* («Сейтек»).

ПЕРИЗАТ *зат. миф.* 1. Теги пери, пери. *Айдан сулуу Айсалкын Перизаттын өзү экен* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Акылдуу, айлалуу, абдан сулуу. *Көпбайдын кызы бу дүйнөнүн перизаты* (Сыдыкбеков). *Баары бир сезилбеди перизаттын Жүрөөнү: кимди сүйүп, кимди жерип* (Үмөталиев).

ПЕРИШТЕ *зат.* 1. Диний мифологияда: көбүнчө кишилерге калкасын тийгизүүчү кудайдын элчиси. *Алтынды көрүп, периште да жолдон чыгыптыр* (макал).

2. *өт.* Жакшы көргөн адамына, көбүнчө аялдарга карата эркелетип айтылган сөз. *Айлымда менин сүйгөн перишем сенсиң!* (Үмөталиев).

ПЕРПЕНДИКУЛЯР *зат.* Тик бурч жасоочу тик сызык.

ПЕРРОН *зат.* Темир жол станциясындагы поезддер жанына келип токтоочу аянтча; пассажирдик платформа. *Троллейбустан түшкөн жүргүнчү вокзалдын перронуна чыкты* (Сыдыкбеков). *Поезд перронго келип токтоду* («Ала-Тоо»).

ПЕРСОНАЖ *зат. ад.* Адабий чыгарманын катышуучусу.

ПЕРСОНАЛ *зат.* Мекеменин же өнөр жайдын бир кесип түркүмүнө жатуучу кишилеринин составы. *Медициналык персонал. Административдик персонал.*

ПЕРСОНАЛДЫК *сын.* Бирөөнүн керт башына арналган, айрым бир кишиге тиешелүү жеке белгиленген. *Персоналдык пенсия. Персоналдык иш.*

ПЕРСПЕКТИВА *зат.* 1. Бир жерден туруп алыска көз жибергендеги көрүнгөн көрүнүш.

2. *өт.* Келечектин планы, болочок иштин жөнү, келечеги. *Чарбага туура жетекчилик кылуу — бул, баарыдан.. мурда анын өнүгүшүнүн перспективасын көрө билүү* («Коммунист»). *Түшүмдүн перспективалары.*

ПЕРСПЕКТИВАЛУУ *сын.* Келечеги бар, келечеги кең, келечекте өсүп кетүүчү.

ПЕРСПЕКТИВДҮҮ перспективалуу менен бирдей.

ПЕССИМИЗМ *зат.* Турмушка сары санаа менен көңүлсүз көз караш; иштин жакшы аякташына, келечегине ишенбөөчүлүк, кейикчээлдик.

ПЕССИМИСТ *зат.* Пессимизмге берилүүчү адам.

ПЕССИМИСТТИК *сын.* Пессимизмге таандык; кейикчээл, сары убайымчыл.

ПЕХОТА *зат.* Жөө аскерлер. *Арт жагынан пехота Чабуул коюп баратса* (Үмөталиев).

ПЕХОТАЛЫК *сын.* Пехотага таандык. *Экөөбүз.. военкоматка барып, пехоталык окуу жайына кирүүгө арыз бердик* (Шимеев).

ПЕЧАТЬ *зат.* Бир нерсеге басканда кандайдыр бир тамга, жазуу түшүрүүчү оюусу бар, көбүнчө белгилүү бир документти күбөлөндүрүү үчүн колдонулуучу прибор.

ПЕЧАТТА *этиш.* Печать коюу, ачууга же пайдалануугa акысы бар гана адамдар, ачып же пайдалануу үчүн белги катарында (мис., бийлик органы тарабынан үйгө, шкафка, дүкөнгө, кампага ж. б.) печать басып коюу.

ПЕЧАТТАЛ печатта этишинин туюк мамилеси.

ПЕЧАТТОО печатта этишинин кыймыл атоочу.

ПЕЧЕК *зат.* Мал жеге ичин көптүрө турган зыяндуу чөп. *Өгүздөрдүн бири печек жеп ичи көөп өлдү* (Абдукаримов).

ПЕЧЕНЬЕ *зат.* Жука, кум кайрак кесекче түрүндө жасалган кондитердик азык.

ПЕЧЕТ *туурасы* печать.

ПЕЧЬ 1. меш менен бирдей. *Темир аяз тышта бороон күрүлдөп, Жылуу тамдын печи күйөт дүрүлдөп* (Шүкүр-

беков). [*Омор*] *печтин жанында олтурган* (Сыдыкбеков).

2. Кандайдыр бир материалды эритүү жолу менен иштетүүгө арналган атайын түзүлүштөгү курулуш, жасалга. *Домна печи.*

ПЕШЕНЕ *зат.* **1.** Маңдай, чеке. — *Сатыш!.. Чоң жигит болуп жүрөсүңбү? — деп, пешенесинен сыладым* (Касымбеков). *Пешеңеден нур жанып, Беттеринен кан тамган* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Жазмыш, тагдыр. *Пешенемде жок беле? — Бербейт менин тилегим* («Саринжи—Бөкөй»).

ПЕШЕНЕЛҮҮ *сын.* Жылдыздуу, сүйкүмдүү, бактылуу, таалайлуу.

ПИАНИНО *зат.* Кылдары тикесинен тартылган, өзү да тикесинен турган бийик ящик түрүндөгү музыкалык курал; фортепьянонун бир түрү. *Деп, Батый пианиного жакын барды, Капкагын элпек гана ачып алды* (Маликов).

ПИВО *зат.* Бир аз кызыта турган таасири бар, дандан жасалган алкоголдук ичимдик, суусун.

ПИЖАМА *зат.* Үйдө кийилүүчү, жука кездемеден тигилген бешмант-шым.

ПИКИР I *зат.* Бир нерсе жөнүндөгү ой, көз караш, кандайдыр бир нерсеге өзүнүн көз карашын билдирип айткан сөз. *Бул кириш сөздө.. бир катар пикирлер айтмакпыз* (Аалы). *Эми, элим, силерге Ички пикир, сырды айттым* («Курманбек»).

ПИКИР II *зат.* Сараң. *Малга кароо, эң пикир Эселек туулган жан экен* («Эр Төштүк»).

ПИКИРДЕШ I *сын.* Сырдаш, ой-санаасы бирдей, көз карашы бирдей. *Эми мен кенге барам, билим алам, Соо болгун бир пикирдеш акын абам* (Турусбеков).

ПИКИРДЕШ II *этиш.* Пикир айтышуу, оюн айтуу, сырдашуу, өз пикирин айтып сүйлөшүү.

ПИКИРДЕШҮҮ пикирдеш этишинин кыймыл атоочу.

ПИКИРЛЕШ пикирдеш I; II менен бирдей.

ПИЛ *зат.* Тропикалык Африкада жана Азияда жашоочу, чөп жеп, сүт эмүүчү, узун тумшугу жана эки чоң азуусу бар чоң айбан. *Айбанаттын эң чоңу Пилден козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Пилге жүгүн жүктөшүп, Чатырларын бүктөшүп* («Мендирман»).

ПИЛЛА *зат.* Көпөлөк курту өзүнүн сыртынан оронгон ипичке жиптен чырмалган калың тор. [*Жибек курту*] *пилла орордун алдында эки-үч күн сулк жатып калат, аны «пилла уйку» деп аташат* (Таштемиров).

ПИЛОТ *зат.* Учууучу аппаратты башкаруучу адам, учкуч.

ПИЛОТКА *зат.* Аскер кызматчыларынын жайкы кийүүчү баш кийиминин бир түрү. [*Микола*] *пилоткасын колуна алып, мектепке кирди* (Баялинов).

ПИНГВИН *зат.* Түштүк уюлда жашоочу калак сыяктанган кыска канаты бар, бирок учпай турган сууда сүзүүчү куш.

ПИОН *зат.* Ак, кызгылт же кызыл чоң гүлдүү декоративдик өсүмдүк. *Сүйөнгөн кырчын талга пион гүлдөй, Сүйөнүп Кубатына Айша сулуу* (Үмөталиев).

ПИОНЕР *зат.* **1.** Изилденбеген жаңы өлкөгө биринчи болуп барып, анда жашай баштаган киши.

2. *өт.* Илим, маданият ж. б. жагынан кандайдыр бир жаңылыкка жол салган киши. *Табият билиминин пионери.*

3. Балдардын коммунисттик уюмунун мүчөсү. *Он эки жашар пионер Модель жасап учурду* (Үмөталиев). *Жапар пионер отрядынын башчысы* (Баялинов).

◆ **Пионер вожатыйы** — пионер отрядынын же дружинасынын жетекчиси.

ПИПЕТКА *зат.* Бир учунда резинкасы бар, суюктукту сордуруп алып кайра тамызуучу айнек түтүкчө, тамызгыч.

ПИР *зат.* **1.** *дин.* Динчил адамдардын олуя катарында эсептеген насыятчысы, акыл-насыят берүүчү жетекчиси, колдоочу. *Манаптан башка тилиң жок, Кожодон башка пириң жок* (Токтогул). *Билгизгин жакшы жолуңду, Пир кылып тутам колуңду* («Манас»).

2. *өт.* Урматка ээ болгон, акыл-насыят берүүчү карыя; колдоочу. *Канча айтса да өзүмдөн чыккан пирим эле* («Ала-Тоо»).

ПИРАМИДА *зат.* **1.** *мат.* Негизи көп бурчтуу же үч бурчтуу, каптал кырлары үч бурчтуу келип, бардыгынын чокусу бир болгон көп кырдуу фигура.

2. Байыркы Египетте негизи төрт бурчтуу кылынып, каптал кырлары бир чокуга барып бириккен фараондордун күмбөзү.

3. Учу учтуу болуп үйүлгөн нерсе.

ПИРАМИДОН *зат. фарм.* Ооруганын басып жана дененин температурасын төмөндөтүүчү каражат катарында колдонулуучу дары препарат.

ПИРОГ *зат.* Арасына эт, күрүч ж. б. салынып бышырылган нан. *Ичине эт салынган пирог.*

ПИРОЖНОЕ *зат.* Каймак, кант, жумуртка ж. б. кошулган камырдан жасалган кондитердик таттуу азык.

ПИСТЕ мисте менен бирдей.

ПИСТОЛЕТ *зат.* Жакын жерден атууга ылайыкталган кыска туткалуу согуштук курал, тапанчанын бир түрү. *Ок бүтүп пулемёту иштен чыгып, Колго алды пистолетин медер кылып* (Үмөталиев).

ПИСТОН *зат.* Патрондогу дарыны тутандыруучу жарылгыч составы бар кичинекей калпакча.

ПИТИР *зат.* Орозо бүткөндө берилүүчү кайыр, садага.

ПИЯДА *сын. диал.* Жөө. *Алты жылы пияда Баскан Током келген бейм* (Эшмамбет).

ПИЯЗ *зат.* Түбү тоголоогураак келген жана ичи көндөй көк сабагы көбүнчө тамак-ашка кошула турган бакча өсүмдүгү. *Пияздары бир катар, Сабиздери*

бир катар (Осмонов). *Муслимахун.. сабиз, пиязды туурап, күрүчтү жууду* (Жантөшев).

◆ **Сасык пияз** — түбү бир нече бөлүнгөн бөлүктөн турган пияз сыяктуу бакча өсүмдүгү.

ПИЯЛА *зат.* Чай ичүүгө жана башка суюк тамактарды куюуга арналган идиш, чыны. *Энеси пияладагы бөксө сууну.. уулына сунду* (Сасыкбаев).

ПИЯНКЕЧ пьянкеч менен бирдей.

ПЛАКАТ *зат.* Көбүнчө агитациялык максаттар менен көчөлөргө же коомдук орундарга илинип коюлуучу сүрөттүү же сүрөтсүз кооздолгон кыскача тексттер. *Клуб ичи.. портреттерге, плакаттарга, ураандарга толгон* (Сыдыкбеков). *Андрей.. кооз плакаттар, баракчалар таңгагын ортого таштады* (Сасыкбаев).

ПЛАН *зат.* 1. Бир жайдын же нерсенин белгилүү масштабда толук пропорциясын сактап түшүрүлгөн чертёжу. *Шаардын планы. Кыштактын планы. Үйдүн планы.*

2. Иштин аткарылыш тартибин, жолун, мөөнөтүн ж. б. көрсөтүп алдын ала белгиленген системасы. *Беш жылдык план. Жети жылдык план. Оруу-жыюу иштеринин планы.*

3. Айтылуучу же жазылуучу нерсенин ырааттуулугу белгиленген кыскача түрдөгү мазмуну, болжолу. *Докладдын планы. Сабактын планы.*

ПЛАНДА *этиш.* Алдын ала кандайдыр бир иштин, курулуштун ж. б. болжолун, планын түзүү. *Арзыкул [иштн] өзүнчө пландап келген* (Байтемиров).

ПЛАНДАЛ планда этишинин туюк мамилеси.

ПЛАНДОО планда этишинин кыймыл атоочу.

ПЛАНДООЧУ *зат.* План түзүүчү, план түзүү иштерин жүргүзүүчү. *Пландоочу органдар.*

ПЛАНДУУ *сын.* Белгилүү бир пландын негизинде, план менен жүргүзүлүүчү, план боюнча ишгелүүчү, белгилүү бир планы бар.

ПЛАНДУУЛУК *сын.* Планга негизделгендик, пландаштырылгандык. *Социалисттик чарбанын пландуулугу.*

ПЛАНЁР *зат.* Абанын агымынан пайдалануу жолу менен абада калкып жүрүүчү мотору жок учуучу аппарат.

ПЛАНЁРИЗМ *зат. ав.* Планёрдо учуу искусствосу, планёр спорту менен иришүүчүлүк.

ПЛАНЕРИСТ *зат. ав.* Планёрдо учуучу учкуч, планёрду башкара билген адам.

ПЛАНЕТА *зат. астр.* Күн айланасында тегеренип жүрүүчү жана күн нуруна чагылышып жаркырап туруучу асман телосу, Марс, Чолпон, Меркурий, Жер ж. б. *Чоң планеталар. Кичине планеталар. Жер планетасы.*

ПЛАНЕТАРИЙ *зат. тех.* 1. Асмандагы планета жана башка телолордун кыймылын көрсөтүүчү прибор.

2. Ушул прибордун жардамы менен планета жана асман телолорунун алган ордун жана кыймылын көрсөтүүчү жай.

ПЛАНИМЕТРИЯ *зат.* Жалпактыктагы фигураларды үйрөнүүчү элементардык геометриянын бир бөлүмү.

ПЛАНТАЦИЯ *зат.* 1. Өзгөчө багууну керек кылуучу маданий өсүмдүктөр эгилген атайы бир чоң участок жер. [*Кант районунун*] *кызылча плантацияларында* .. 43 *комбайн иштеп жатат* («Коммунист»).

2. Колониялуу өлкөлөрдө кеңири түрдө өнүккөн капиталисттик ири жер чарбасы.

ПЛАСТИКАЛЫК *сын.* Басым астында каалаган формага келе турган жана басымды токтоткондон кийин ошол формасын сактап калууга жөндөмдүү.

ПЛАСТИЛИН *зат.* Жууруп жасоо үчүн колдонулуучу чоподон, момдон жана майдан аралаштырып жасалган кургабай турган масса. *Пластилинден жасалган оюнчуктар.*

ПЛАСТИНКА *зат.* 1. Патефондун же граммафондун табагы. *Патефон пластинкалары. Узакка ойноочу пластинка.*

2. Фотография аппаратында жарык сезгич катмар менен капталган төрт кырдуу айнек

ПЛАСТМАССА *зат.* Пластикалык масса. *Пластмассадан жасалган буюмдар.*

ПЛАСТЫРЬ *зат. мед.* Малаам, жарага тартуучу, бетине дары сыйпалган жабышкак чүпүрөк. *Пластырь тартуу.*

ПЛАТФОРМА *зат.* 1. Поезд келип токтоочу, рельс бойлото секиче кылып жасалган аянт. *Станция, Платформа — Чиркелишкен вагондор* (Үмөталиев).

2. Үстү ачык, борту бийик эмес товардык вагон. *Бункерлерден куюлган таш көмүр платформаларга толууда* (Сасыкбаев).

3. *өт.* Кандайдыр бир партиянын, группанын аракет кылуу программасы, саясий талаптарынын жана ишендирүүлөрүнүн системасы.

ПЛАЦДАРМ *зат.* 1. Согуштук операциялар даярдалуучу жана башталуучу мейкиндик.

2. Кандайдыр бир мамлекеттин башка мамлекетке кол салуу үчүн даярдык көрүүгө пайдалануучу территориясы.

ПЛАЦКАРТА *зат.* Темир жол билетине кошумча кылып берилүүчү, вагондун номери, орду көрсөтүлгөн кагаз.

ПЛАЩ *зат.* 1. Жеңсиз, жамынма сырт кийим.

2. Суу өткөрбөс сырт кийим.

ПЛЕНАРДЫК *сын.* Белгилүү бир уюмдун, жетекчи шайлоо органынын ж. б. бардык мүчөлөрүнүн катышуусу менен өтө турган. *Пленардык заседание.*

ПЛЕНУМ *зат.* Партиялык же коомдук уюмдун шайланган жетекчи органынын мүчөлөрүнүн толук составдуу жыйналышы, пленардык заседание. *КПСС Борбордук Комитетинин пленуму. Райкомдун пленуму. Профсоюздун республикалык комитетинин пленуму.*

ПЛИТА *зат.* 1. Чоң, жалпак, бети тегиз таш, металл ж. б. *Мрамор плита. Бетон плита. Чоюн плита.*

2. Үстүнө металл такта коюлуп тамак бышырууга арналган ашкана үйгө коюлуучу меш. *Плитага жакын жерде эби-сыны жок далдайган жыгач сандык* (Бөкөнбаев). *Үйдө экөө гана, плитадагы чайнекти алып келип, чай ичүүгө киришишти* (Таштемиров).

ПЛИТКА *зат.* 1. Кичинекей плита, төрт бурчтуу кичинекей жалпак кесек. *Керамика плиткасы. Шоколад плиткасы.*

2. Кичирээк плита (2-маанисинде).

3. Үстүнө идиш коюп, тамак бышыруу га ылайыкталган токтун күчү менен ысуучу электр прибору.

ПЛЮС *зат.* 1. Кошуу амалын же чондуктун оң чондугун билдирүүчү (+) түрүндеги математикалык белги.

2. Нөлдөн жогорку температураны билдирүү үчүн колдонулат. *Температура плюс 10 градус.*

3. *өт. сүйл.* Кандайдыр бир артыкчылыкты бир нерсенин жакшы жагын көрсөтүүдө колдонулат.

ПОВАР *зат.* Тамак бышыруу боюнча специалист, тамак бышыруучу киши, ашпозчу, ашмачы. *Кузьмич айткан повар ар уруу тамакты даярдоочу* (Сыдыкбеков).

ПОВЕСТКА *зат.* Чакыруу кагазы. *Алиги трактор чу жигитке повестка келиптир* (Байтемиров).

ПОВЕСТЬ *зат.* Көлөмү жагынан романдан кичирээк, сюжети да романга караганда жөнөкөйүрөөк келген баяндоо иретиндеги чыгарма. *Пушкиндин повесттери. Чынгыс Айтматовдун «Биринчи мугалим» аттуу повести.*

ПОВИДЛО *зат.* Кант кошулуп, мөмөдөн кайнатып жасалган коюу таттуу масса.

ПОГОН *зат.* Ийинге тагылуучу айырмалоо белгиси, чени. [*Семенов*] *солдат өтүгүн, погондуу китилин, кийип бөлмөдөн чыкты* (Сасыкбаев). *Погонунда ак берене — Отставной белгиси.*

ПОГРЕБ *зат.* Көбүнчө ичине муз салынып, азык-түлүк сакталуучу жерди оюп жасалган жай, муздак жер кепе.

ПОДВАЛ *зат.* 1. Үйдүн биринчи этажынын астындагы жерге киргизе жасалган ар кандай чарбалык керектөөлөр же туруу үчүн ылайыкталган жай.

2. *полигр.* Газетанын туура сызык менен бөлүнгөн төмөнкү жагы.

ПОДНОС патунус менен бирдей. *Актан ата подноско додолоп үйүлгөн ашына купулу толгондой балдарга* [*карады*] (Бейшеналиев).

ПОДПОЛДУК *сын.* Подпольеде, подполье шартында аракет кылуучу; ачык эмес, легалдуу эмес, жашырын. *Подполдук кружок. Подполдук иштер. Подполдук типография.*

ПОДПОЛКОВНИК *зат.* Майор менен полковниктин ортосундагы офицердик наам, чин жана ушундай наамы бар офицер.

ПОДПОЛЧУ подпольщик менен бирдей.

ПОДПОЛЬЕ *зат.* Бийликтен жашырын жүргүзүлгөн иштер, бийликтен жашырын иш жүргүзүүчүлүк.

ПОДПОЛЬЩИК *зат.* Подполье шартарында иштеген адам.

ПОДРЯД *зат.* Кандайдыр бир ишти белгилүү акы алып иштеп бермекчи болгон милдеттенме жана ушундай милдеттенме боюнча аткарылуучу иш.

ПОДРЯДЧИК *зат.* Подряд боюнча иштеген адам же мекеме.

ПОДЪЕЗД *зат.* Крыльцонун, үйдүн кире беришиндеги чоң эшиктин алды, имараттын кире бериши. *«Победа» подъезде турат даяр, Болот деп, «кожоюндан» кандай кабар?* (Шүкүрбеков).

ПОЕЗД *зат.* Бирин-бирине чиркештирип тизилген вагондордун локомотив тартып жүрүүчү составы. *Пассажир поезди. Ылдам жүрүүчү поезд. Товардык поезд.*

ПОЛ *зат.* Үйдүн, имараттын таманы, тактай же башка бир нерсе төшөлгөн таманы. *Тактай төшөлгөн пол. Паркет төшөлгөн пол.*

ПОЛДОМОЧУН *туурасы*: **уполномочен.**

ПОЛИГРАФИЯ *зат.* Китептерди, газеталарды ж. б. басып чыгаруу иштерин өз кучагына алган өнөр жай жана техника тармактары.

ПОЛИКЛИНИКА *зат.* Келген жана үйүндө жаткан ооруларга негизги специалисттиктер боюнча медициналык жардам берүүчү дарылоо мекемеси.

ПОЛИТЕХНИКАЛЫК *сын.* 1. Техниканын ар кандай тармактарын үйрөнүүгө жана колдонууга байланышкан. *Политехникалык институт.*

2. Техниканын ар кандай тармактары менен таанышууга негизделген. *Политехникалык окуу.*

ПОЛИТЕХНИКУМ *зат.* Политехникалык окуу жайы.

ПОЛИТРУК *зат.* Советтик Армиянын аскер бөлүктөрүндөгү саясий иштерге башчылык кылуучу саясий жетекчи.

ПОЛИЦИЯ *зат.* Капиталисттик өлкөлөрдө жана революцияга чейинки Россияда: жашап турган тартипти коргоп, анын коопсуздугун камсыз кылып турган мамлекеттик орган жана ушул органда иштеген адамдар.

ПОЛК *зат.* Дивизиянын же бригаданын составына кирүүчү аскер бөлүгү. *Гвардиялык полк. Аткычтар полку. Полктун командири.*

ПОЛКОВНИК *зат.* Подполковник менен генерал-майордун ортосундагы офицердик жогорку наам, чин жана ушундай наамы бар офицер.

ПОЛКОВОДЕЦ *зат.* Ири аскер бөлүктөрүнүн бирикмелеринин, флоттун ж. б. командачысы, аскер башчы.

ПОЛОТНО *зат.* 1. *текст.* Кендирден согулган ийи майда кездеме.

2. Сүрөтчү тарткан сүрөт. *Айтиев «Акындар» деген чоң полотнону тартып бүттү*

(«Ала-Тоо»). *Маңдайы ачык, шайыр жаштарды сүрөттөгөн кыргыз художнигинин полотнолору* (Аалы).

ПОМЕЩИК *зат.* Революцияга чейинки Россияда, ошондой эле азыр да, жерге жеке менчик бар өлкөлөрдө, көп жер ээлеген дворянин же жер ээси. *Бул, чындыкты көрсөтө жазган, Помещик, байлардын чумкөлүү бетин ачкан* (Шүкүрбеков). *Ал уулу помещиктин же банкирдин Эмегин эзип жаткан неченденрдин* (Нуркамал).

ПОМИДОР *зат.* Тоголок, кызыл мөмөсү желе турган огород өсүмдүгү жана анын мөмөсү.

ПОП *зат.* Православия дининдеги чиркөөлөрдө иштөөчү дин кызматкери, өзүнүн даражасы боюнча дьякон менен епископтун ортосундагы наам.

ПОРОШОК *зат.* Катуу заттын абдан талкаланган майдасы, үбөлөндүсү; үбөлөндү түрүндөгү дары. *Тиш жуугуч порошок. Порошок түрүндөгү дары.*

ПОРТ *зат.* Кемелер токтоп, жүк түшүрүп же жүк жүктөөчү, кемелерди ремонттоочу жай.

◆ **Аба порту** — самолёттор, вертолёттор ж. б. токтоп жана уча турган атайын жабдылган орун, аба транспортунун ири станциясы.

ПОРТРЕТ *зат.* Живописте, скульптурада, графикада же фотографияда бир же бир нече кишинин түшүрүлгөн сүрөтү. *Лениндин портрети. Александр Невскийдин портрети.*

ПОРТСИГАР *зат.* Ичине папирос же сигар салып жанында алып жүрө турган жалпак куту. *Жолой Жолдошевич чөнтөгүнөн портсигарын алды да, папиросун сууруп чыгып.. тутандырды* (Каимов).

ПОРТФЕЛЬ *зат.* 1. Китеп, дептер, кагаз ж. б. салып жүрүүгө ылайыкталып жасалган, кармагычы жана бекиткичи бар төрт бурчтуу капчык, сумка. [*Кычан*] *портфелин небак эле иреттеп алган* (Бейшеналиев). *Бекер бир колуна портфелин, бир колуна букет алды* (Каимов).

2. Кээ бир буржуазиялык өлкөлөрдө министрлик орун.

3. *өт.* Редакция же басма тарабынан кабыл алынып, басып чыгарууга дайындалган кол жазмалардын жыйындысы.

ПОРУМ *зат.* Көрк, бир нерсенин сырткы көрүнүшү, түрү, формасы. *Порум менен бастырган боз балдардын шаанисе* (Осмонкул). *Айыл арасы күндөгүдөн мың порум* (Жантөшев). *Кайсы бирин ырдайбыз Токо, кимдин жагат порумү* (Токтогул).

ПОРУМДА *этиш.* Кооздоо, жасалгалоо, көркүнө чыгаруу, түр берүү, ар түркүн түргө келтирүү. *Жакшы устанын белгиси, Калай да болсо күмүштөй, Кармаган ишин порумдайт* (Осмонкул).

ПОРУМДАТ порумда этишинин аркылуу мамилеси.

ПОРУМДОО порумда этишинин кыймыл атоочу.

ПОРУМДУУ *сын.* Кооз, жасалгалуу, көркүнө чыгарылган, жакшы жасалган, көркүү. *Кош ат чеккен порумдуу извозчик* (Жантөшев). *Болжолу жок эрлерге Порумдуу кийим берилип* («Кыргыз фольклору»).

ПОРЦИЯ *зат.* Бир нерсенин, көбүнчө тамактын, белгилүү өлчөмү. *Эки порция палоо.*

ПОСЁЛКА *зат.* Шаар тибиндеги калк отурукташкан пункт. *Посёлка күндөнкүнгө өсүп өнүгүүдө* (Сасыкбаев). *Чоң посёлканын.. ортосундагы аянтта.. эл кумурскадай жайнайт* (Сыдыкбеков).

ПОСЁЛКАЛЫК *сын.* Посёлкага таандык.

ПОСЕЛКАЛЫК *сын.* Посёлкага таандык. *Посёлкалык совет. Посёлкалык шайлоо участогу.*

ПОСЁЛОК поселка менен бирдей.

ПОСОБИЕ *зат.* Көбүнчө акча түрүндөгү жардам. *Инвалиддик пособие. Көп балалуу жана жалгыз бой энелерге берилүүчү пособие.*

ПОСОЛ *зат.* Жогорку рангадагы дипломаттык өкүл.

ПОСОЛЬСТВО *зат.* Бир мамлекеттин экинчи мамлекеттеги башында посол турган дипломатиялык өкүлдүгү жана ошол өкүлдүктүн турган үйү. *Посольствонун секретары* («Советтик Кыргызстан»).

ПОСТ *зат.* 1. Бирөөгө, бир нерсеге байкоо жүргүзүү же бир нерсени кайтаруу орду, пункту. *Байкоочу пост. Постто туруу.*

2. Бир нерсеге байкоо жүргүзүү же кайтаруу үчүн белгилүү бир жерге коюлган бир же бир нече адам.

3. Жооптуу кызмат орду. *Директорлук пост. Жетекчилик пост.*

ПОСЫЛКА *зат.* Оролуп, таңылып же бир нерсенин ичине салынып почта менен жиберилген буюм, азык-түлүк ж.-б. *Посылка алуу. Жөнөтүлүү посылка, Тосуп алсын барганда !* (Тоголок Молдо).

ПОЧТА *зат.* 1. Каттарды, газета-журналдарды, жеңил жүктөрдү, акча ж. б. бир жерден экинчи жерге жөнөтүп туруучу мамлекеттик байланыш мекемеси жана ошол мекеме жайгашкан имарат. *Катты почта менен жиберүү. Почта кызматкерлери.*

2. Ушундай мекеме аркылуу келген газета, журнал, кат-кабарлар. *Алынган почта. Бүгүнкү почта.*

ПОЧТАЛЬОН *зат.* Почта тарабынан таркатылуучу кат, газета, журнал ж. б. ташуучу киши, почточу. *Менин фамилиямды качан чакырар экен деп, Мусабек почтальонду чыдамсыздык менен жал-жал карайт* (Абдумомунов).

ПОЧТАМТ *зат.* Шаардагы башкы почта мекемеси. *Шаардык почтамт.*

ПОЧТО почта менен бирдей.

ПОЧТОБОЙ *зат. сүйл.* Почтальон, почточу. *Мен почтобой, почтобой, Кат ташыймын дем албай* (Осмоков). *Тарайымдын белгиси жок кат берген, Почтобойдун кабары жок апкелген* (Барпы).

ПОЧТОЧУ *зат. сүйл.* Почтальон.—*Катты почточу алып келет да* (Турусбеков). [*Бүбүш*] *почточунун колунан катты кандай алганын да байкабады* («Ала-Тоо»).

ПОШЛИНА *зат. эк.* Тышка алып чыгуучу жана ичке алып кирүүчү товар, мүлк үчүн, ошондой эле мамлекет тарабынан жүргүзүлүүчү кээ бир иштер үчүн алынуучу мамлекеттик салык, бажы.

ПОЭЗИЯ *зат.* Сөз аркылуу ойду элестүү кылып берүү искусствосу, көбүнчө ыр түрүндөгү чыгармачылык.

ПОЭМА *зат. ад.* Ыр менен баяндалган чыгарманын жанры. *Лирикалык поэма. Эпикалык поэма.*

ПОЭТИКА *зат.* 1. Поэтикалык чыгармалардын структурасын, поэтикалык формасын, поэтикалык искусствонун ыктарын, аны анализдөөнүн принциптерин үйрөнүүчү адабият жөнүндөгү илимдин бир бөлүгү.

2. Кандайдыр бир акындын, адабий багыттын, доордун поэтикалык формаларынын жана принциптеринин системасы. *Пушкиндин поэтикасы. Байрондун поэтикасы. Орустун классикалык поэтикасы.*

ПОЭТИКАЛЫК *сын.* Поэзияга таандык; көркөм, чыгармачылык, кооз. *Поэтикалык чыгармалар. Поэтикалык форма. Поэтикалык талант.*

ПОЮЗ *зат. сүйл.* Поезд.

ПӨ *сырд.* Кыргыйды, кушту колундагы жемди жеш үчүн чакырганда айтууда колдонулат.

ПӨПӨЛӨ **бөпөлө** менен бирдей.

ПӨПҮЛӨ **бөпүлө** менен бирдей.

ПРАКТИКА *зат.* 1. *филос.* Коомдун жашоосу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталган адамдардын иш-аракеттеринин жалпы жыйындысы. *Теориянын практика менен байланышы.*

2. Алган билимин иш жүзүндө колдонуп көрүү, көнүгүү, машыгуу иштери, тажрыйба. [*Настен*] *мен мындагы ветеринардык пункта практикага келген элем* [*деди*] (Зубкеев). *Практикада тың адам окуганда деле кыйын билет* (Бейшеналиев).

2. Ык, көнүгүү, машыгуу жолдору. *Орус тилинен которуунун практикасы.*

ПРАКТИКАЛЫК *сын.* Практикага таандык; тажрыйбадагы, иш жүзүндөгү. *Алган билимин практикалык түрдө колдонуу. Практикалык максат. Практикалык иштерди жүргүзүү. Практикалык сабактарды өткөрүү.*

ПРАКТИКАНТ *зат.* Практикадан өтүп жаткан адам (2-маанисинде).

ПРЕЗИДЕНТ *зат.* Республикалык мамлекеттин, ошондой эле кээ бир ири илимий мекемелердин шайланган жетекчиси, башчысы. *Чехословакия Республикасынын президенти. СССР Илимдер Академиясынын президенти.*

ПРЕЗИДИУМ *зат.* 1. Чогулушту же кеңешмени алып баруу үчүн шайланган орган. *Эмесе, президиум көрсөтүп бергиле* (Маликов).

2. Кээ бир уюмдардын жана мекемелердин жетекчи органы. *СССР Жогорку Советинин Президиуму — СССРде мамлекеттик бийликтин жогорку органы.*

ПРЕМЬЕР-МИНИСТР *зат.* Өкмөт башчысы, министрлер советинин же министрлер кабинетинин башчысы.

ПРЕМЬЕР **премьер-министр** менен бирдей.

ПРЕМЬЕРА *театр.* Пьесанын, операнын ж. б. театрда биринчи жолу коюлушу.

ПРЕПАРАТ *зат. мед.* 1. Изилдөө, байкоо жүргүзүү, үйрөнүү ж. б. максаттарда атайын даярдалган жаныбарлардын же өсүмдүк организминин бир бөлүгү.

2. Лабораторияда же фабрикада даярдалган химиялык же фармацевтикалык зат, продукт. *Медициналык препарат. Витаминдүү препараттар. Иоддуу препарат.*

ПРЕСС-КОНФЕРЕНЦИЯ *зат.* Коомдук-саясий маселелер боюнча информация кылуу үчүн кандайдыр бир официалдуу адамдар тарабынан чакырылган басма сөз өкүлдөрүнүн чогулушу.

ПРИБОР *зат.* Кандайдыр бир максатка: бир нерсени өлчөө, контролдоо, байкоо ж. б. иштер үчүн арналган атайын түзүлүш, аспап, шайман.

ПРИЕМНИК *зат.* Радиотехникада жана телемеханикада берилген сигналды, сөздү, музыканы ж. б. кабыл алуучу аппарат; радио берүүлөрдү кабыл алуучу аппарат. *Приемник бар ар бирөөнүн үйүндө, Сайрап берет ар бир элдин тилинде* (Осмонкул). *Приемниктен Москвадан сөз угам, Телефондон балдарымды чакырам* (Осмонкул).

ПРИКАЗ *зат.* Бийлик органдарынын официалдуу буйругу.

ПРИЛАВКА *зат.* Магазинде, соода жайларында сатуучуну сатып алуучулардан бөлүп туруучу жана товарларды жайып соода кылынуучу асты жабык узун стол, текче.

ПРИМУС *зат.* Керосинди насостун жардамы менен жиберип күйгүзүп, тамак бышыра турган прибор. *Балким, сизде примус же керогаз бар чыгар* (Бейшеналиев).

ПРИНЦИП *зат.* 1. Кандайдыр бир теориянын, окуунун, илимдин жана башкалардын келип чыккан негизги жобосу, эрежеси.

2. Көз караш, ишеним. *Өз принцибинде туруу.*

ПРИНЦИПИАЛДУУ *сын.* Принципке негизделген, кандайдыр бир принцип менен байланышы бар; абдан маанилүү.

ПРИНЦИПСИЗ *сын.* Эч кандай принциби жок, эч кандай принципке негиздел беген, принцип кармабаган; негизсиз.

ПРИНЦИПТҮҮ *сын.* Принципке негизделген, кандайдыр бир принцип менен байланышы бар, ошол принципти кармаган.

ПРИНЦИПТҮҮЛҮК *зат.* Принципке негизделгендик, кандайдыр бир принцип менен байланыштуулук, ошол принципти кармагандык.

ПРИСТАВ *зат.* Падышалык Россияда: анча чоң эмес административдик райондогу полиция начальниги.

ПРИСТАНЬ *зат.* Деңиздин, көлдүн же дарыянын жээгиндеги кеме токтоп, жүк жүктөө, жүк түшүрүү сыяктуу иштер аткарылуучу жай. *Күткөндөр тараптарап суюлганда, Аксакал бир чал калды пристанда* (Осмонов).

ПРОБИРКА *зат.* Лабораториялык иштерде колдонулуучу бир учу туюк айнек түтүкчө.

ПРОБЛЕМА *зат.* Чечилиши талап кылынып турган теориялык же практикалык олуттуу маселе.

ПРОВИНЦИЯ *зат.* 1. Кээ бир мамлекеттердеги административдик-территориялык район.

2. *эс.* Борбордон алыс турган жер; чет жака.

ПРОВОКАТОР *зат. саяс.* 1. Провокация жолу менен аракет кылуучу жашырын агент.

2. Чыккынчылык, бузукулук максат менен жолдон чыгарып азгыруучу, көкүтүүчү адам.

ПРОВОКАЦИЯ *зат.* Айрым адамдарды, бир топ адамды, уюмдарды жана бүткүл өлкөлөрдү акыры алар үчүн оор боло турган, кээ бир учурларда апатка да учурата турган иштерге, аракеттерге тартып көкүтүүчүлүк; провокатордун ишти начарлатуу, чыккынчылык максатындагы аракети.

ПРОГРАММА *зат.* 1. Иштеле турган иштин болжолдуу планы. *Орто-Токой суу сактагычын түзүүчүлөр жылдык программаны мөөнөтүнөн мурда орундатышкан* («Советтик Кыргызстан»).

2. Саясий партиялар, мамлекеттик бийликтин борбордук органы, коомдук уюм же мамлекеттик, коомдук ишкер тарабынан белгиленген негизги принциптердин, милдеттердин жана максаттардын жазып көрсөтүлүшү. *Коммунисттик партиянын программасы.*

3. Бир нерсени өткөрүүнүн тартиби, планы; концертте аткарылуучу чыгармалардын, радиодо берилүүчү берүүлөрдүн составы, тизмеси.

4. Окуу жайында окутулуучу предметтердин, курстардын кыскача мазмуну жана методологиялык көрсөтмөсү. *Орус тилинин программасы. 5—6-классттар үчүн кыргыз тилинин программасы. СССР тарыхынын программасы.*

ПРОГРАММАЛЫК *сын.* Программага таандык, программага ылайык, программада көрсөтүлгөн. *Программалык материал. Программалык талап.*

ПРОГРЕСС *зат.* Илгерилеп, мыктыланып өрчүү, алга өнүгүүчүлүк. *Эл — тарыхты түзүүчү, коомдук прогресстин башкы күчү* («Коммунист»). *Социализм — прогресстин дүйнөсү* («Коммунист»).

ПРОГРЕССИВДҮҮ *сын.* 1. Акырындап өсүп-өнүгүүчү, пропорциялуу түрдө чоюоюучу. *Кызматтан тышкары убактарда иштегендиги үчүн прогрессивдүү акы төлөө. Төлдү чыгашасыз асырагандыгы үчүн прогрессивдүү эмгек акы.*

2. Саясий, социалдык-экономикалык жагынан алдынкы; коомдук прогресске умтулган, ага жардам берген. *Прогрессивдүү окумуштуулар.*

ПРОГУЛ *зат.* Себепсиз эле кызматка келбей коюу же кечигип келүү.

ПРОГУЛЧУ прогульщик менен бирдей.

ПРОГУЛЬЩИК *зат.* Прогул жасаган, эч кандай себепсиз кызматка келбей калган же кечигип келген адам.

ПРОДУКТ *зат.* 1. Азык, азык-түлүк. *Тамак-аш продуктылары.*

2. Адамдын эмгеги, акылы, аракети жумшалуудан алынган, келип чыккан натыйжа, ар кандай жолдор менен иштетилип чыгарылган, түзүлгөн же пайда болгон нерселер, заттар. *Өнөр жай продуктылары. Китеп — көп жылдык эмгектин продуктусу. Нефтиден иштетилген продуктылар.*

ПРОДУКТУУЛУК *зат.* Малдын эт, сүт, жүн сыяктуу продуктыларын көп берүү жөндөмдүүлүгү. *Мал чарбасынын продуктуулугун жогорулатууда тоют базасы чечүүчү маниге ээ болот* («Коммунист»). *Кийинки жылдарда малдын продуктуулугу тынымсыз өсүп жатат* («Коммунист»).

ПРОДУКЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир ишкана, өнөр жайынын кандайдыр бир тармагы же өлкөнүн бүткүл эл чарбасы тарабынан белгилүү убакыттын ичинде иштеп чыгарылган продуктылардын жыйындысы; иштеп чыгарылуучу нерселер. *Өнөр жайынын дүң продукциясы. Даяр продукция. Фабрикандын жылдык продукциясы.*

ПРОЕКТ *зат.* Долбоор, болжолдуу план.

ПРОЖЕКТОР *зат.* Жарыкты күчөтүп, белгилүү бир багытка карай топтоштура багыттап 'туруучу күчтүү жарык кылуучу прибор. *Прожектордун жарыгынан самолёт качып буйтайт* (Баялинов).

ПРОЗА *зат.* Ыр түрүндө эмес, кара сөз түрүндөгү чыгарма.

ПРОЗАЛЫК *сын.* Прозага таандык, проза түрүндөгү. *Баялиновдун «Ажары» кыргыз жазма адабиятындагы туңгуч прозалык чыгарма* (Бейшеналиев).

ПРОКУРАТУРА *зат. юр.* Закондун так аткарылышына байкоо жүргүзүп, көз салып туруучу мамлекеттик орган.

ПРОКУРОР *зат.* 1. Закондордун так аткарылышына мамлекеттик байкоо жүргүзүп, көз салып туруучу адам. *Республикалык прокурор. Райондук прокурор.*

2. Соттогу мамлекеттик айыптоочу.

ПРОЛЕТАР *зат.* Капиталисттик коомдогу өндүрүш каражаттары жок жалданма жумушчу. *Бүткүл дүйнө пролетарлары, бириккиле!*

ПРОЛЕТАРИАТ *зат.* Капиталисттик коомдо буржуазия тарабынан эзилип жана эксплуатацияланып турган, өзүнүн өндүрүш каражаты болбогон, жалданып иштөөчү жумушчулардын табы.

ПРОЛЕТАРДЫК *сын.* Пролетарга таандык. *Пролетардык революция. Пролетардык бийлик. Пролетардык тилектештик.*

ПРОЛЕТАРЧЫЛ *сын.* Пролетариатты жактоочу, пролетариаттын таламын талаш-

кан. *Жазамын мен, Пролетарчыл атым бар. Жаз акындар! Силерге да шартым бар* (Аалы).

ПРОЛОГ *зат.* Адабий чыгармаларга берилген кириш бөлүк.

ПРОМЫСЕЛ *зат.* 1. Өндүрүү, табуу максатындагы кесип; аңчылык кылуу, балык кармоо сыяктуу иштер. *Балык уулоо промысели.*

2. Өндүрүү, табуу, иштеп чыгаруу багытындагы жумуштар аткарылуучу өнөр жай ишканасы же ишкананын бир тармагы. *Нефти промыселдери.*

ПРОМЫСЛО промысел менен бирдей.

ПРОМЫСЛОЛУК *сын.* Промыселге таандык.

ПРОПАГАНДА *зат.* Кандайдыр бир идеяны, окууну, илимди таратуу жана терең түшүндүрүү. *Партиялык пропаганда. Атеисттик пропаганда.*

ПРОПАГАНДАЛА *этиш.* Пропаганда иштерин жүргүзүү.

ПРОПАГАНДАЛОО пропагандала этишинин кыймыл атоочу.

ПРОПАГАНДАЛЫК *сын.* Пропагандага таандык. *Пропагандалык иштер.*

ПРОПАГАНДИСТ *зат.* Пропаганда иштерин жүргүзүүчү, пропагандалоочу.

ПРОПУСК *зат.* 1. Кирүүгө, өтүүгө укук берүүчү документ. [*Балдар*] *сүрөттөрүү жабыштырылган пропускаларды төш чөнтөктөрүнө салышты* (Сасыкбаев).

2. *сог.* Пароль. — *Пропуск! — деп кыйкырган үн чыкты* (Каралаев).

ПРОСПЕКТ I *зат.* Кең, түз, чоң көчө. *Ленин проспекти. Тынчтык проспектиси.*

ПРОСПЕКТ II *зат.* Бир нерсенин планы, кыскача мазмуну көрсөтүлгөн долбоору. *Окуу китебинин проспектиси.*

ПРОТЕЗ *зат.* Жасалма мүчө, мисалы: бут, кол, тиш.

ПРОТИВОГАЗ *зат.* Уулуу газдардан жана түтүндөн сактануу үчүн башка жана бетке каптап кийилүүчү атайын прибор. *Кээде башка противогаз Газга каршы киемин* (Аалы).

ПРОТОКОЛ *зат.* Заседаниеде, чогулушта, сураста айтылган сөздөрдүн, кабыл алынган чечимдин бардыгы жазылган документ.

ПРОФЕССИОНАЛДЫК *сын.* Профессияга таандык; профессияга байланыштуу, профессиясы үчүн мүнөздүү.

◆ **Профессионалдык союз** — жумушчулар менен кызматчылардын эмгек принцибинин негизинде бириккен жана алардын кызыкчылыгын жактоочу массалык уюм.

ПРОФЕССИЯ *зат.* Иштеген негизги кесиби, белгилүү бир даярдыгы бар кесипчилик. *Профессияга ээ болуу. Профессиясын өзгөртүү.*

ПРОФЕССОР *зат.* Жогорку окуу жайларынын квалификациялуу окутуучусуна жана илим-изилдөө мекемелеринде илимий-изилдөө иштерине жетекчилик кылган илимий кызматкерине берилүүчү окумуштуулук наам жана ошол наамды алган адам.

ПРОФКОМ *зат.* Профсоюздук уюмдун жергиликтүү комитети.

ПРОФСОЮЗ *зат.* Профессионалдык союз.

ПРОФСОЮЗДУК *сын.* Профсоюзга таандык. *Профсоюздук билет. Профсоюздук жыйналыш.*

ПРОЦЕНТ *зат.* Бир бүтүн катарында алынган сандын жүздөн бир бөлүгү, бир бүтүндүн жүздөн бир бөлүгү (% деген белги менен белгиленет).

◆ **Жүз процент** — толук, бүт бойдон. *Планды жүз процент орундатуу.*

ПРОЦЕСС *зат.* 1. Белгилүү бир натыйжага жетүүгө багытталган ыраатту аракеттин, өнүгүштүн жыйындысы. *Өндүрүш процесси. Өсүмдүктүн өнүгүү процесси.*

2. *юр.* Сотко түшкөн иштерди кароо тартиби; сот ишинин жүрүшү. *Кылмыш процесси. Граждандык процесси.*

ПРУЖИНА *зат.* Толгонуп ийилген же толгонуп чырмалган, көбүнчө машинанын, механизмдин ж. б. ички деталы катарында колдонулуучу солкулдак, серпилгич болот, темир металл *Сааттын пружинасы. Матрацтын пружинасы.*

ПРУЖИНАЛУУ *сын.* Пружинасы бар, пружина салынган, пружина орнотулган.

ПРЯНИК *зат.* Бал же башка татымалдар кошуп жасалган калыпыраак таттуу печенье.

ПСЕВДОНИМ *зат.* Көбүнчө жазуучулар, художниктер колдонуучу жашырын аты же фамилиясы.

ПСИХИАТР *зат.* Психиатрия боюнча врач — специалист.

ПСИХИАТРИЯ *зат.* Психикалык оорулар жана аны дарылоо жөнүндөгү илим.

ПСИХИКА *зат.* Жогорку нерв иштерине негизделген жана чындыкты сезүүгө, байкоого жөндөмдүүлүгүн далилдеген тирүү организмдерге таандык болгон (ал эми адамда болсо ойлоосунда, эркинде да көрүнүүчү) бөтөнчө касиет.

ПСИХИКАЛЫК *сын.* Психикага таандык.

ПСИХОЛОГ *зат.* 1. Психология боюнча специалист.

2. Адамдын психологиясын жакшы байкай билген адам.

ПСИХОЛОГИЯ *зат.* 1. Психикалык иштин закон ченемдүүлүгү, өнүгүшү жана формалары жөнүндөгү илим.

2. Мүнөздүн, ой-пикирдин, сезимдин бөтөнчөлүгү. *Эскинин саркындылары жеке менчиктин психологиясынан.. көрүнөт* («Коммунист»).

ПУБЛИЦИСТ *зат.* Коомдук-саясий маселелер боюнча жаза турган жазуучу.

ПУБЛИЦИСТИКА *зат.* Өз доорундагы коомдук-саясий маселелер боюнча адабияттар.

ПУД *зат.* 16,3 килограммга же 16 килограммга барабар келген салмак өлчөмү. *План толуп, эмгек тийип жүз пуддан, Дагы тиет кошумча эмгек кырк пуддан* (Осмонов).

ПУЛ *зат.* 1. Акча. *Силер жөнөгөндө бир сыйра кийим-кечек, азык-түлүк, жолуңарга анча-мынча пул аласыңар* (Абдукаримов). *Беш-беш сомдон пул алып, Пейли кетти Акматтын* (Токтогул).

2. *тар.* Жарым тыйын, жарым тыйындык монета. *Жалгыз чака пулу жок, Жакшылык көргөн жылы жок* (Тоголок Молдо).

3. Кездеме, товар. *Фабрикадан чыгарылган көп пулду, Баалап кылган балбан алсын кенелип* (Осмонкул). *Калаага бир иш менен шашып бардык Кайтарда көп таза пул сатып алдык* (Осмонов).

◆ **Чай пул** — 1) бирөөгө жол каражат кылып кетиш үчүн же керегине жараткан ал деп берилген жардам акча; 2) көрсөткөн кызматы үчүн далдалчыга, жалдапка ж. б. берилүүчү сый.

ПУЛЕМЁТ *зат.* Өтө тездик менен ок атуучу автоматтык курал. *Кол пулемёту.*

ПУЛЕМЁТЧИК *зат.* Пулемёт атуучу адам.

ПУЛЕМЁТЧУ пулеметчик менен бирдей.

ПУНКТ *зат.* 1. Кандайдыр бир ишти иштөө үчүн чогултуу, жыйноо үчүн дайындалган же кандайдыр бир максат үчүн ылайыкталган жай. орун. *Эгин төгүүчү пункт. Медициналык пункт. Байкоо пункту.*

2. Номер же тамга менен белгиленген официалдуу документтин бир бөлүгү; докладдын, тексттин айрым бир жери, бөлүгү. *Договордун 3-пункту. Докладдын негизги пункттары.*

◆ **Элдүү пункт** *же* **эл орношкон пункт** — кыштак, село, посёлок, шаар ж. б.

ПУНКТУАЦИЯ *зат. грам.* Тыныш белгилеринин коюлуш системасы.

ПУТЁВКА *зат.* 1. Бир жакка (курортко, курска ж. б.) жиберилүүчү адамга бериле турган күбөлүк кагаз. *Курорттук путёвка. Дем алыш үйүнүн путёвкасы. Кызматка жиберилгендиги жөнүндө путёвка.*

2. *Транспорт айдоочуларга жүрө турган жолун, аткара турган ишин көрсөтүп берилген баракча.*

ПЫЯНКЕЧ пьянкеч менен бирдей.

ПЫРПЫРА бырпыра менен бирдей.

ПЬЕСА 1. Театрда коюлууга арналган драмалык чыгарма. *Бир актылуу пьеса. Эки актылуу пьеса.*

2. Чакан гана музыкалык чыгарма. *Баянда ойноо үчүн жазылган пьесалардын жыйнагы.*

ПЬЯНКЕЧ *зат. сүй.* Ичкиликке берилип, көп ичүүчү адам, аракеч, алкоголик.

ПЬЯНКЕЧТИК *зат.* Ичкиликке берилип кеткендик, аракечтик.

Р

РААЗЫ ыраазы менен бирдей

РААКАТ ыракат менен бирдей.

РААТ ыраат II менен бирдей.

РАБФАК *зат.* Жумушчу факультети (жумушчу жана дыйкан жаштарын жогорку окуу жайларында окууга даярдоо максатын көздөгөн жалпы билим берүүчү окуу жайы; жумушчу факультеттери 1919-жылдан тартып 30-жылдардын аягына чейин болгон). *Муну Фрунзеде рабфакта окуган Бейшеке байкемден үйрөнгөм* (Бейшеналиев).

РАДИАТОР *зат.* 1. Мотордогу сууну сууткуч прибор. [*Айсулуу*] *арыктан бир чака суу чөмөрүп келип радиаторго куйду* (Баялинов).

2. Борбордук жылыткычтагы ичинен ысык суу же буу жүрө турган жылытуучу прибор.

РАДИАЦИЯ *физ.* 1. Кандайдыр бир телонун электромагнит кубатын таратышы, ошондой эле телодон таралган электромагниттик, шоолалуу энергия. *Күндүн радиациясы.*

2. Борбордон айланага карай шоола сымал радиус болуп бир нерсенин таралышы.

РАДИЙ *зат.* Радиоактивдүү касиеттери бар металл, химиялык элемент.

РАДИКАЛ I *зат.* 1. *мат.* Тамырын табуу амалын көрсөтүүчү $\sqrt{\ }$ белгиси, ошондой эле тамырын табуунун натыйжасы.

2. *хим.* Химиялык бир кошундудан экинчи кошундуга өзгөрбөстөн өтө турган молекуладагы атомдор группасы.

РАДИКАЛ II *зат.* 1. *саяс.* Буржуазиялык мамлекеттин рамкаларынан чыкпай туруп, анча-мынча гана демократиялык реформаларды жүргүзүүнү талап кылуучу сол буржуазиялык партиялардын тарапкерлери.

2. Чечкиндүү аракетти, көз карашты жактоочу.

РАДИКАЛДУУ *сын.* Негизги, терең негиздүү тиешеси бар, чечкиндүү. *Радикалдуу өзгөрүүлөр. Радикалдуу чаралар.*

РАДИКАЛИЗМ *зат.* 1. Радикалдардын (II) саясий багыты жана кыймылы (1-маанисинде).

2. Аракеттин чечкиндүү түрү.

РАДИО *зат.* 1. Электромагниттик толкундардын жардамы менен узак жерге добуштарды, тамгаларды ж. б. сымсыз берүү жана кабыл алуу. *Радиону ойлоп чыгарган — орус окумуштуусу Попов.*

2. Ушундай жол менен берилген берүүлөрдү кабыл алып жана угузуучу аппараттар, радиоприемник, репродуктор. *Радио, телефон үй башына сүйлөдү* (Осмонкул). *Радиону сүйлөтүп коюу. Радиону басып коюу.*

◆ **Радио түйүнү** — радио аркылуу берүүлөрдү трансляциялап туруу үчүн жана сым аркылуу радио байланышын, радио аркылуу берүүлөрдү жүзөгө ашырып туруу үчүн ылайыкталып атайын жабдылган пункт.

РАДИОАКТИВДҮҮ *сын.* Радиоактивдүүлүккө байланыштуу, радиоактивдүүлүк касиети бар. *Радиоактивдүү заттар.*

РАДИОАКТИВДҮҮЛҮК *зат.* Активдүү түрдө шоолалануу менен кээ бир химиялык элементтердин атомдук ядросунун таралышы, бузулушу. *Жасалма радиоактивдүүлүк. Табигый радиоактивдүүлүк. Урандын радиоактивдүүлүгү.*

РАДИОГРАММА *зат.* Радио менен берилген телеграмма, кабар, маалымат.

РАДИОЛА *зат.* Радиоприемники жана граммофондук пластинкаларды ойноткучу бар аппарат.

РАДИОЛОКАТОР *зат. тех.* Алыс жердеги көрүнбөгөн нерселердин кайдан экендигин радио толкундары аркылуу белгилөөчү аппарат, техникалык түзүлүш.

РАДИОЛОКАЦИЯ *зат.* Алыс жердеги көрүнбөгөн нерселердин кайда экендигин, кайсы багытка карай бет алып баратканкандыгын радио толкундары аркылуу билүү методу.

РАДИОЛОШТУР *этиш.* Радио орнотуу, радио жүргүзүү.

РАДИОЛОШТУРУУ радиолоштур этишинин кыймыл атоочу.

РАДИОМАЯК *зат.* Кеме жана самолёттор өзүнүн кайсы жерде экендигин аныктап билүүгө жардам бере турган түрдүү сигналдарды берип туруучу радиостанция.

РАДИОПРИЁМНИК *зат.* Радио аркылуу берүүлөрдү кабыл алуучу аппарат.

РАДИОСТАНЦИЯ *зат.* Радио аркылуу радио берүүлөрдү, сигналдарды кабыл алуучу же берүүчү станция.

РАДИОСТУДИЯ *зат.* Радио аркылуу таратылуучу кабарларды ж. б. берүүчү атайы жабдылган бөлмө, үй.

РАДИОТЕЛЕГРАММА радиограмма менен бирдей.

РАДИОТЕЛЕГРАФ *зат.* 1. Телеграф байланышы үчүн радио аркылуу берип жана кабыл алып туруучу аппаратуранын жалпы аты.

2. Жогоркудай сигналдарды кабыл алып жана берип туруучу мекеме, станция.

РАДИОТЕЛЕФОН *зат. тех.* Телефон байланышы үчүн радио аркылуу берип жана кабыл алып туруучу аппаратуранын жалпы аты.

РАДИОТЕХНИК *зат.* Радиотехника жагынан специалист.

РАДИОТЕХНИКА *зат. тех.* Жогорку жыштыктагы электромагниттик термелүүлөр жана радио толкундар жөнүндөгү жана аны практика жүзүндө колдонуу методдору жөнүндөгү илим.

РАДИСТ *зат.* Радио аркылуу кабар алып, кабар берүүчү специалист.

РАДИУС *зат.* 1. *мат.* Тегеректин же шар бетинин каалаган чекитин борбор менен бириктирүүчү түз сызык жана ушул сызыктын узундугу.

2. *өт.* Нерсенин таралуу сферасы, чөйрөсү.

РАЗРЯД *зат.* Кандайдыр бир профессияда, адистикте, спортто ж. б. квалификациялык даражасы, өзгөчөлөнүп бөлүнгөн тобу. *Жогорку разряд. Биринчи разряддагы шахматчы.*

РАЗЪЕЗД *зат.* Бет келген поезддер бири-бирине жол берип өтүү үчүн жасалган темир жол айрыгы жана ушундай жол айрыгы бар пункт, жер.

РАИС *зат. диал.* Председатель, төр ага. — *Коюң, раис, бөвдө ачууланбаң!* (Байтемиров).

РАЙКАН *зат.* Эфир майы алынуучу көп жылдык өсүмдүк.

РАЙОН *зат.* СССРде область, край же республиканын составына кирүүчү, ошондой эле чоң шаарлардагы административдик-территориялык единица. *Чүй району. Фрунзе шаарынын Ленин району.*

2. Кандайдыр бир географиялык, экономикалык, чарбалык ж. б. жагынан мүнөздүү белгиси болгон жай, орун, жер. *Пахта райондору. Тоолуу райондор.*

РАЙОНДОШТУР *этиш.* Кандайдыр бир территорияны райондорго бөлүү.

РАЙОНДОШТУРУУ райондоштур этишинин кыймыл атоочу.

РАЙОНДУК *сын.* Районго таандык. *Райондук борбор. Райондук газета.*

РАЙЫМ ырайым менен бирдей.

РАЙЫМСЫЗ ырайымсыз менен бирдей.

РАК I *зат.* Башында жана кадыресе мойну деп аталуучу боорунда тарбыйган буттары бар, денеси калкан менен капталган, тузсуз сууда жашоочу омурткасыз жаныбар, суу чаяны.

РАК II *зат.* Дененин ичине же сыртына чыгуучу жаман, коркунучтуу шишик.

РАКАТ ыракат менен бирдей.

РАКЕТА *зат.* 1. Фейерверктер үчүн, ошондой эле согуш ишинде сигнал берүү жана жерди жарык кылуу үчүн колдонулуучу, атылганда жаркырап күйө турган снаряд. *Сигнал берүүчү ракета.*

2. Реактивдүү кыймылдаткычы бар учуучу аппарат; снаряд.

РАКЕТАЛЫК *сын.* Ракетага таандык. *Ракеталык бөлүктөр. Ракеталык курал.*

РАКЕТКА *зат. спорт.* Теннис ойногондо топту чабуу үчүн колдонулуучу тордомо калак.

РАКМАТ ыракмат менен бирдей.

РАКЫМ ырайым менен бирдей.

РАМА *зат.* Эшикке, терезеге же ичине бир нерсе коюу үчүн ылайыкталган төрт бурчтуу, үстү жагы тегерек же башка формада аштап жасалган алкак; алкагы менен бирге, айнектүү терезе.

РАМАЗАН ырамазан менен бирдей.

РАМАТ *зат. тар.* Революцияга чейинки алык-салыктын бир түрү. *Раматка саттырып, ыстарчын алды тайыңды* (Тоголок Молдо).

РАМАТЫЛЫК ыраматылык менен бирдей.

РАМКА *зат.* Кичирээк рама. *Куп мырзам, Славамдын бар сүрөтү, Бөлмөдө, рамка ичинде, тигил четки* (Осмонов).

РАПОРТ *зат.* 1. Кенже аскер кызматкеринин наамы жагынан өзүнөн жогорку начальникке билдирүүчү кабары; кызматы боюнча билдирилүүчү кабар.

2. Моюнга алынган милдеттенменин, тапшырманын аткарылышы жөнүндө

билдирген оозеки же жазуу жүзүндөгү доклад, билдирүү.

РАС *туурасы*: **ырас.**

РАСА *зат.* Келип чыгышы жагынан бирдейлигине, өңүнө, башынын формасына, чачынын түсүнө, кебетесине ж. б. белгилерине карай бөлүнгөн адамдардын тарыхый жактан түзүлгөн тобу.

РАСАЛЫК *сын.* Расага таандык. *Расалык жек көрүү. Расалык эзүү.*

РАСИЗМ *зат.* Үстөмдүк кылуучу «жогорку» раса жана баш ийип жүрүүчү «төмөнкү» раса болот имиш дегенге негизделген адамды жек көрүүчү реакциячыл саясат.

РАСИМ *зат.* Үрп-адат, өнөкөт, тартип, ырасым. *Эзелден кыргыз элиңдин Расими ушундай* («Олжобай менен Кишимжан»). — *Омор.. өкүнүп сүйлөдү.* — *Бул орустун же кыргыздын расиминде жок, тек бейбаштык кеп* (Сыдыкбеков).

РАСИСТ *зат.* Расизмди жактоочу.

РАСМИ *зат.* Үрп-адат, өнөкөт, тартип, ырасми. *Элимдин расмисин кылууга уруксат этиңиздер* («Ала-Тоо»). *Биздин расмини унуттуңбу* [*Метрей*] (Сыдыкбеков).

РАСПИСАНИЕ *зат.* Иштин, окуунун ж. б. иштелүү убагы, орду, тартиби көрсөтүлгөн таблица, график. *Сабактардын расписаниеси. Поезддердин расписаниеси.*

РАСПИСКА *зат.* Бир нерсени алгандыгын ырастап колу коюлган документ, тил кат. *Акча алгандыгы үчүн берилген расписка. Расписка берүү.*

РАСХОД *зат.* Кандайдыр бир ишке жумшалуучу каражат, жумшалган чыгым, чыгаша.

РАСХОДДО *этиш.* Кандайдыр бир ишке, бир нерсе алуу үчүн жумшоо, каражат кылуу, чыгымдоо.

РАСХОДДОО расходдо этишинин кыймыл атоочу.

РАСЧЁТ *зат.* 1. Иштелген иш үчүн, кандайдыр бир милдеттенме ж. б. боюнча эсептелген акча, сумма.

2. *сог.* Замбиректи, пулемётту ж. б. тейлөөчү аскерлер тобу... *Панфилов кыдырып жүрүп, замбирек расчётунун жер кепесине да кирди* (Сасыкбаев).

3. Долбоорлоо ишинде зарыл болгон маалыматтардын эсеби.

РАТИФИКАЦИЯ *зат.* Өзүнүн уполномочендери тарабынан түзүлгөн эл аралык договорду, юридикалык күч берип, мамлекеттин жогорку бийлигинин бекитиши.

РАТИФИКАЦИЯЛА *этиш.* Ратификациядан өткөрүү.

РАТИФИКАЦИЯЛОО ратификацияла этишинин кыймыл атоочу.

РАУНД *зат.* Бокста бир жолу кармашуунун (адатта 3 минута) мөөнөтү.

РАХАТ ырахат менен бирдей.

РАХМАТ ырахмат менен бирдей.

РАЦИОН *зат.* Белгилүү убакытка берилүүчү азыктын, жем-чөптүн өлчөмү, нормасы. *Өзгөчө рацион түзүүдө Күмүштүн билгичтиги Күлжанды таң калтырды* (Байтемиров).

РАЦИОНАЛДУУ *сын.* Акыл-эстүүлүккө, максатка негизделген, акылга сыймдуу. *Колхоз малын жүгөрү силосу жана кант кызылчасы менен багып, алда канча рационалдуу өстүрүүгө болот* («Советтик Кыргызстан»).

2. *мат.* Единица менен же единицанын бир бөлүгү менен өлчөмдөш, салыштырарлык. *Рационалдуу бөлчөк. Рационалдуу сан.*

РАЦИОНАЛДУУЛУК *зат.* Негиздүүлүк, акыл-эске негизделгендик, максатка ылайыктуулук. *Чарбанын рационалдуулугу .*

РАЦИОНАЛИЗАТОР *зат.* Өндүрүштү, өндүрүш процесстерин рационализация кылуучу адам.

РАЦИОНАЛИЗАТОРДУК *сын.* Рационализаторго, рационализацияга таандык. *Көп жумушчулар жана айыл чарбасынын адистери рационализатордук баалуу сунуштарды кийирип жатышат* («Коммунист»). [*Мекел*] *рационализатордук сунуштарды кийирип, эски машиналарды оңдоду* (Сасыкбаев).

РАЦИОНАЛИЗАЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир ишти, өндүрүш процессин жакшыртып, өркүндөтүү, мыкты уюштуруучулук. *Өндүрүштү рационализация кылуу.*

РАЦИОНАЛИЗМ *зат.* 1. Дүйнөдө болгон бардык нерсени билүүгө, таануурга болот деп билген философиялык ишеним, адамдын акылынын чексиз күчүнө ишенгендик.

2. Турмушка акыл-эстүүлүк менен кароочулук, башкалар менен болгон мамилесиндеги акыл-эстүүлүк.

РЕАБИЛИТАЦИЯ *зат.* 1. Негизсиз же жалган жерден жаманатты боло электен мурунку кадыр-баркынын, беделинин калыбына келтирилиши, актыкка чыгарылышы.

2. Соттун чечими же административдик жол менен мурунку укугуна келтирүү.

РЕАКТИВ *зат. хим.* Башка бир затка кошкондо белгилүү бир химиялык реакция туудуруучу жана ошону менен бирге бул составдан издеп жаткан затты табууга мүмкүнчүлүк берүүчү зат.

РЕАКТИВДҮҮ *сын.* 1. Химиялык анализде реактив болуп кызмат кылуучу. *Реактивдүү заттар.*

2. *тех.* Күч менен атырылып чыккан газдын жардамы аркылуу кыймылга келүүчү. *Реактивдүү самолёт. Реактивдүү кыймылдаткыч.*

РЕАКЦИОНЕР *зат.* Революцияга жана прогресске каршы, эскини жактоочу, социалдык жана маданий прогресстин душманы.

РЕАКЦИЯ I *зат.* 1. *хим.* Заттардын бири-бирине таасир кылышы. *Химиялык реакциялар.*

2. Организмдин тышкы же ички таасирге жообу. *Организмдин суукка реакциясы.*

РЕАКЦИЯ II *зат.* Жок болуп бара жаткан же революция тарабынан жеңил-

ген эксплуататордук таптардын өз табын сактап калуу, саясий укугун кайра калыбына келтирип жана саясий үстөмдүк жүргүзүү үчүн революциячыл кыймылды жана ар кандай прогрессти ырайымсыз басууга багытталган саясаты; ар кандай прогресске, жаңылыкка душмандык.

РЕАКЦИЯЧЫЛ *сын.* Эскичил, революцияга, прогрессивдүүлүккө каршы, саясий реакциянын максатын көздөгөн.

РЕАЛДУУ *сын.* Чыныгы, аныктуу, иш жүзүнө ашырууга боло турган.

РЕАЛИЗМ *зат.* 1. Кандайдыр бир ишти жүзөгө ашырууга аныктуу, чыныгы шарттарды, мүмкүнчүлүктөрдү ачык түшүнүп жана эсепке ала билүүчүлүк. *Чарбаны пландаштыруудагы реализм.*

2. Адабияттагы жана искусстводогу чындыктын бардык белгилерин туура, терең, толук жана типтүү кылып көрсөтүү методу жана да ушул методду колдонуучу багыт.

3. *филос.* Бул багыттагы философия боюнча нерседен мурда ал жөнүндөгү жалпы түшүнүк пайда болот жана ал нерселердин бар-жогуна карабастан турмушта реалдуу түрдө жашай берет деп эсептөөчү орто кылымдардагы диний-идеалисттик философиялык багыт.

◆ **Социалисттик реализм** — өзүнүн алдына чындыкты анын революциялык өнүгүшүндө тарыхый-конкреттүү көрсөтүү милдетин жана эмгекчилерге коммунисттик тарбия берүү максатын койгон советтик көркөм адабият менен искусствонун негизги методу.

РЕАЛИСТ *зат.* 1. Өз ишинде реалдуу чындыктын шарттарын эске алып иштөөчү адам.

2. Адабият менен искусстводогу реализмдин жактоочусу.

3. Реализмди жактоочу (3-маанисинде).

РЕАЛИСТТИК *сын.* 1. Реалдуу чындыктын шарттарын эсепке алуудан келип чыккан. *Турмушка реалисттик мамиле кылуу.*

2. Реализмге (2-маанисинде), реализм принциптерине негизделген. *Реалисттик чыгарма. Музыкадагы реалисттик багыт.*

РЕБУС *зат.* Табылууга тийиш болгон сөздөр сүрөттөрдүн, тамгалардын же белгилердин жардамы аркылуу берилүүчү табышмак.

РЕВАНШ *зат.* Согуштан же оюндан жеңилгенден кийин жеңүү үчүн кайта күрөшүү, кайта ойноо.

РЕВАНШИЗМ *зат.* Жеңилгенден кийин реванш алуу саясаты.

РЕВАНШИСТ *зат.* Реваншизмди жактоочу.

РЕВИЗИОНИЗМ *зат.* 1. *саяс.* Революциячыл марксизмдин саясий, философиялык жана экономикалык негиздерин ревизиялап, кайра карап же болбосо бурмалап бузууга аракет кылган, капитализмдин таламын жактап, социалисттик революцияга жана пролетариат диктатурасына каршы багытталган илимий эмес теориялар менен алмаштырууга аракет кылган саясий-идеялык агым.

2. Кандайдыр бир окууну, теорияны ревизиялаган багыт, агым.

РЕВИЗИОНИСТ *зат.* Ревизионизмди жактоочу.

РЕВИЗИЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир мекеменин же кызмат адамынын ишинин тууралыгын жана закондуулугун билүү максатында жүргүзүлгөн текшерүү.

2. Кандайдыр бир окуунун же теориянын жоболорун бузуп же бурмалай турган өзгөртүү киргизүү максатында ал жоболорду кайра карап чыгуу.

РЕВИЗИЯЛА *этиш.* 1. Ревизия жүргүзүү, текшерүү жүргүзүү. *Кассаны ревизиялап бүтүү.*

2. Ревизия жүргүзүү, ревизияга киргизүү (2-маанисинде).

РЕВИЗИЯЛОО ревизияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕВИЗОР *зат.* 1. Текшерүүчү, ревизия жүргүзүүчү кызматкер (1-маанисинде).

2. *т. ж.* Темир жолдун иштерине контролдук кылуучу кызматкер.

РЕВКОМ *зат.* Согуштук-революциялык комитет (1917-жылы Россияда куралдуу көтөрүлүштү даярдап жана аны өткөргөн күчүрмөн орган); революциялык же болбосо согуштук-революциялык комитет (граждандык согуштун жана чет өлкөлүк согуштук интервенциянын убагында совет өкмөтүнүн атайын жергиликтүү органы).

РЕВОЛЮЦИОНЕР *зат.* 1. Революциялык кыймылдын катышуучусу, революция ишмери.

2. *өт.* Илимдин, техниканын, искусствонун ж. б. кандайдыр бир тармагынан зор өзгөрүш жасаган киши.

РЕВОЛЮЦИЯ *зат.* 1. Өндүрүштүк күч менен өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы жетилген карама-каршылыктарды чечүүчү коомдук-саясий мамилелерди түп-тамырынан бери өзгөртүп жана мамлекеттик бийликти алдынкы катардагы коомдук таптын өз колуна алышына алып келген көнтөрүш.

2. *өт.* Түп-тамырынан бери өзгөрүш. *Маданий революция. Техникадагы революция.*

РЕВОЛЮЦИЯЛАШ *этиш.* Революция идеясына тартылуу, революциячыл болуу.

РЕВОЛЮЦИЯЛАШТЫР *этиш.* 1. Революция идеясын таратуу, революция идеясына тартуу, революциячыл идея берүү. *Массаны революциялаштыруу.*

2. *өт.* Түп-тамырынан бери өзгөртүү, такыр өзгөртүү. *Техниканы революциялаштыруу.*

РЕВОЛЮЦИЯЛАШТЫРУУ революциялаштыр этишинин кыймыл атоочу.

РЕВОЛЮЦИЯЛАШУУ революциялаш этишинин кыймыл атоочу.

РЕВОЛЮЦИЯЛЫК *сын.* Революцияга таандык. *Революциялык кыймыл.*

РЕВОЛЮЦИЯЧЫЛ *сын.* 1. **революциялык менен бирдей.**

2. Революцияны жактаган, революциялык идеясы бар. *Революциячыл тап.*

РЕГИСТРАТОР *зат.* 1. Мекемеде, оорукканада ж. б. регистрация иштерин жүргүзүп туруучу кызматкер; каттоо жүргүзүп турган киши.

2. Автоматтык түрдө өзү жазып туруучу прибор.

РЕГИСТРАЦИЯ *зат.* Учётко алуу, закондуу күчкө киргизүү ж. б. максаттарда жүргүзүлгөн каттоо.

РЕГИСТРАЦИЯЛА *этиш.* Регистрациядан өткөрүү, каттап, жазып коюу.

РЕГИСТРАЦИЯЛОО регистрацияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕГЛАМЕНТ *зат.* Чогулушту, заседанието алып баруунун тартиби. *Регламент белгилөө.*

РЕГУЛЯРДЫК: регулярдык армия — мыкты уюштурулган, туруктуу согуштук уюму бар жана пландуу түрдө машыгуудан өтүп туруучу армия.

РЕГУЛЯТОР *зат.* Механизмдин бир кылка иштешин, ылдамдыктын, жылуулуктун ж. б. белгилүү бир өлчөмдө болушун автоматтык түрдө жөнгө салып тура турган прибор.

РЕДАКТИРЛЕ редакторло менен бирдей.

РЕДАКТОР *зат.* 1. Редакторлоо ишин жүргүзүүчү киши.

2. Кандайдыр бир басма сөзгө, китептин басылышына ж. б. жетекчилик кылуучу киши.

РЕДАКТОРДУК *зат.* Редактордун милдети, кызматы.

РЕДАКТОРЛО *этиш.* Кандайдыр бир текстти текшерип, оңдоп, басма сөз үчүн , жарыя кылуу үчүн биротоло иштеп чыгуу.

РЕДАКТОРЛОО редакторло этишинин кыймыл атоочу.

РЕДАКЦИЯ *зат.* 1. Редакторлоо, редакторлоо ишиндеги жетекчилик. *Профессордун редакциясы астында чыккан окуу китеби.*

2. Кандайдыр бир адабий, музыкалык ж. б. чыгарманын варианты. *Повесттин жаңы редакциясы.*

3. Редакторлоо ишин жүргүзүүчү редакторлордун тобу; газета-журналдардын ж. б. чыгаруучу кызматкерлердин коллективи.

4. Редакциялык кызматчылардын иштей турган үйү.

РЕДАКЦИЯЛА редакторло менен бирдей.

РЕДАКЦИЯЛЫК *сын.* Редакцияга таандык; редакция (3-маанисинде) тарабынан жазылган. *Редакциялык коллегия. Редакциялык оңдоолор. Редакциялык макала.*

РЕДИСКА *зат.* Чамгырдын бир түрү.

РЕДКОЛЛЕГИЯ *зат.* Редакциялык коллегия (газета, журнал ж. б. чыгаруу иштерин жүргүзүүчү кызматкерлердин коллективи). *Журналдын редколлегиясы. Дубал газетанын редколлегиясы.*

РЕЕСТР *зат.* Тизме, саналып берилген тизме.

РЕЖИМ *зат.* 1. Мамлекеттик түзүлүш , башкаруу түрү. *Падышалык режим. Эски режим. Демократиялык режим.*

2. Эмгектенүүнүн, тамактануунун, эс алуунун ж. б. так белгиленген тартиби.

РЕЖИССЁР *зат.* Киного тартылуучу же театрга коюлуучу оюндун уюштуруучусу, көркөмдүк жетекчиси.

РЕЗЕРВ *зат.* 1. Кереги тийгенде пайдалануу үчүн даяр турган запас, булак.

2. *сог.* Керек болгон кезде пайдалануу үчүн командирдин карамагына калтырылган согуштук бөлүк, күч.

3. *сог.* Керек болгон учурда армияга чакырыла турган, аскер кызматын өтөгөн, аскерге милдеттүүлөрдүн составы.

РЕЗЕРВУАР *зат.* Суюктук куюла турган же газ толтурула турган жай же идиш.

РЕЗИДЕНЦИЯ *зат.* Өкмөттүн, өкмөт башчысынын же жогорку кызматтагы адамдын турган жайы.

РЕЗИНА *зат.* Каучуктан жасалган жумшак, созулуп кайра калыбына келип туруучу зат.

РЕЗИНКА *зат.* 1. Жазылган жазууну өчүрүү үчүн колдонулуучу кичинекей резина өчүргүч.

2. Резина боо же резина жип аралаштырып жасалган тасма.

РЕЗОЛЮЦИЯ *зат.* 1. Жыйналышта, заседаниеде ж. б. талкуулоодон кийин кандайдыр бир маселе жөнүндө кабыл алынган чечим. *Доклад боюнча кабыл алынган резолюция.*

2. Кызмат кагазына жазылган пикир, буйрук. *Резолюция салуу.*

РЕЗЮМЕ *зат.* Макаланын, сүйлөнгөн сөздүн, докладдын ж. б. кыскача мазмуну, эмне жөнүндө айтылгандыгы көрсөтүлгөн кыскача жыйынтык, кыскача баяндоо.

РЕЙС *зат.* Кеме, самолёт, автобус ж. б. белгилүү маршрут боюнча жүрө турган жеринен, аяктаган жерине чейинки жол.

РЕКЛАМА *зат.* Бир нерсени жалпыга маалим кылуу максатындагы кулактандыруу, радио аркылуу билдирүү, жарыя, жалпыга белгилүү кылып, көңүлүн буруу максатын көздөгөн плакат ж. б. *Театр рекламасы.*

РЕКОМЕНДАЦИЯ *зат.* Жазуу түрүндө же оозеки, кандайдыр бир кызматка кирүү же уюмга өтүүгө сунуш кылуу максатында көбүнчө мактап берилген баа, мүнөздөмө. *Партиянын катарына өтүү үчүн рекомендация берүү. Кызматка коюуга рекомендация кылуу.*

РЕКОНСТРУКЦИЯ *зат.* Жакшыртуу, оңуктүрүү ж. б. максатта түп-тамырынан бери кайтадан куруу, кайтадан жабдуу, кайтадан түзүү.

РЕКОНСТРУКЦИЯЛА *этиш.* Реконструкция кылуу, реконструкция жүргүзүү.

РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО реконструкцияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕКОРД *зат.* 1. Спорттук мелдештердеги эң жогорку жетишкендиктин эң жогорку көрсөткүчү. *Дүйнөлүк рекорд. Рекорд коюу.*

2. Эмгектин, чарбалык иштердин ж. б. эң жогорку көрсөткүчү. *Болот эритүүнүн рекорду.*

РЕКОРДДУК *сын.* Рекорд болуп эсептелген, эң жогорку. *Рекорддук көрсөткүч. Рекорддук түшүм.*

РЕКОРДСМЕН *зат.* Рекорд койгон спортсмен.

РЕКТОР *зат.* Жогорку окуу жайынын жетекчиси. *Университеттин ректору.*

РЕЛЕ *зат.* Электр тутумун (чынжырын) бириктирип же ажыратып туруучу белгилүү кубулуштарга жооп кайтарууга арналган автоматтык прибор.

РЕЛЬС *зат.* Шпалдардын үстүнө бекитилип, ар кандай вагондордун дөңгөлектөрү өтүү үчүн ылайыкталган чоюн же болот темир.

РЕМОНТ *зат.* Эскирген, жыртылган же бузулган нерсени оңдоо, түзөө, түзөтүү иши.

РЕМОНТТО *этиш.* Ремонт кылуу, ремонт жүргүзүү, оңдоо, түзөтүү. *Азыр соко, мала, кетмен, күрөк сыяктуу шаймандарды ремонттоп жаткан кези* (Бейшеналиев). [*Айсулуу*] *майда-чүйдөлөрүн өзү эле ремонттоп ала коёт* (Баялинов).

РЕМОНТТОЛ ремонтто этишинин туюк мамилеси.

РЕМОНТТОО ремонтто этишинин кыймыл атоочу.

РЕМОНТТОТ ремонтто этишинин аркылуу мамилеси.

РЕМОНТТОШ ремонтто этишинин кош мамилеси.

РЕНТАБЕЛДҮҮ *сын.* Болгон расходду актагыдай, чарбалык жактан ыңтайлуу; пайдалуу, кирешелүү.

РЕНТГЕН *зат.* Рентген шоолалары жана ошол шоолалар менен шоолаландыруу.

2. Жогоркудай шоолалар менен шоолаландыруучу аппарат.

◆ **Рентген шоолалары** — тунук эмес предметтерден да өтүп кетүүчү кыска электромагниттик толкундуу көрүнбөс шоолалар, нурлар.

РЕПЕРТУАР *зат.* 1. Театрда коюлуучу, эстрадада, концерттик залдарда аткарылуучу пьесалардын, музыкалык жана башка чыгармалардын жыйындысы.

2. Бирөө тарабынан аткарылуучу ролдордун, музыкалык чыгармалардын жыйындысы.

РЕПЕТИЦИЯ *зат.* Оюн коюу, концерт берүү ж. б. үчүн алдын ала жүргүзүлгөн ойноп көрүү, жаттоо сыяктуу даярдык.

РЕПОРТАЖ *зат.* Басма сөз жана радио үчүн күндөлүк жана жергиликтүү окуялар боюнча түзүлгөн кабарлар.

РЕПОРТЕР *зат.* Газета, журнал, радио, информациялык агентство жана башкалардын болгон окуялар жана иштер жөнүндө кабар берип туруучу кызматкери.

РЕПРЕССИЯ *зат.* Кысымга алуу, жаза берүү; мамлекеттик органдар тарабынан колдонулуучу жазалоо чаралары, куугунтук.

РЕПРЕССИЯЛА *этиш.* Репрессияга алуу, куугунтукка, кысымга алуу.

РЕПРЕССИЯЛОО репрессияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕПРОДУКТОР *зат.* Радио аркылуу берүүлөрдү күчөтүп, добушту катуулатып берүүчү түзүлүш.

РЕПС *зат.* Бетинде бир аз быдыры бар кездеме.

РЕПУТАЦИЯ *зат.* Аброй, беделабийир, бирөөнүн жакшы жактары жана кемчиликтери жөнүндө түзүлгөн жалпы пикир.

РЕСПУБЛИКА *зат.* Жогорку бийлик органдары белгилүү бир мөөнөткө шайлануучу мамлекеттик түзүлүштүн формасы жана башкаруунун ушундай формасы бар өлкө, мамлекет.

РЕСПУБЛИКАЛЫК *сын.* Республикага таандык.

РЕСПУБЛИКАЧЫ *зат.* Башкаруунун республикалык түзүлүшүн жактоочу.

РЕССОРА *зат.* Солкулдоону азайтуу, жеңилдетүү үчүн вагондун, машинанын ж. б. кузовунун астына атайын коюлган солкулдак темир.

РЕСТАВРАЦИЯ *зат.* 1. Искусствонун эскирген, бузулган чыгармаларын калыбына келтирүү иши.

2. Мурдагы кулатылган эски саясий түзүлүштү кайра калыбына келтирүүчүлүк.

РЕСТАВРАЦИЯЛА *этиш.* Реставрация иштерин жүргүзүү, реставрация жүргүзүү.

РЕСТАВРАЦИЯЛОО реставрацияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕСТОРАН *зат.* Тамак-аш жана ичкилик ичүүгө мүмкүндүк болгон соода жайы жана анын имараты. *Ресторанга олтурушуп, тамак-аш заказ кылышты* (Баялинов).

РЕСУРС *зат.* Кандайдыр бир нерсенин запасы, булагы; каражат.

РЕФЕРАТ *зат.* Кандайдыр бир китептин, статьянын ж. б. мазмунунун кыскача баяндамасы жана ушундай кыскача баяндоосу бар доклад.

РЕФЕРЕНДУМ *зат.* Эң маанилүү мамлекеттик маселелер боюнча жалпы элдин добуш бериши, калктын кароосуна коюлган суроо.

РЕФЛЕКС *зат.* Борбордук нерв системасынын жогорку бөлүмдөрүнүн катышуусу менен жандуу организмдин тышкы таасирге жооп катарында кайтарган реакциясы.

РЕФОРМА *зат.* Өзгөртүү, жакшылоо максаты менен кайта куруу. *Акча реформасы.*

РЕФОРМАЛА *этиш.* Реформа кылуу, реформа жолу менен өзгөртүү, реформа жүргүзүү.

РЕФОРМАЛОО реформала этишинин кыймыл атоочу.

РЕЦЕНЗЕНТ *зат.* Рецензия жазган киши.

РЕЦЕНЗИЯ *зат.* Илимий, көркөм чыгармаларга, спектакль, кинофильмдерге ж. б. жазуу жүзүндө берилген талдоо, сын баа.

РЕЦЕНЗИЯЛА *этиш.* Рецензия кылуу, рецензия жазуу.

РЕЦЕНЗИЯЛОО рецензияла этишинин кыймыл атоочу.

РЕЦЕПТ *зат.* 1. Керектүү дарыны кандайча даярдап берүү жөнүндө врачтын аптекага жазып берген кагазы. *Рецепт боюнча дары алуу.*

2. Бир нерсени жасоо, даярдоо жолу, ыгы.

РЕЧЬ *зат.* Айтылган сөз, сүйлөө тили, эл алдында сүйлөнгөн сөз, оозеки же жазуу жүзүндө берилген сөз. *Оозеки речь. Речь тизмеги.*

РИТМ *зат.* Кандайдыр бир элементтердин (үндүн, речтин ж. б.) белгилүү бир ырааттуулук, ылдамдык ж. б. менен алмашуусу, ыргак.

РИФМА *зат.* Уйкаштык, ыр уйкаштыгы. *Бирдей рифмадагы ырлар.*

РОГАТКА *зат.* Ача жыгачка резинка байлап, таш салып атуучу балдар оюнчугу.

РОДИНА *зат.* Ата мекен, мекен, туулуп-өскөн өлкө. *Социалисттик родина. Родинага кызмат кылуу.*

РОЗА *зат.* Сабактары тикендүү, түрдүү түстөгү жыттуу гүлү бар, декоративдүү бадал өсүмдүк жана анын гүлү.

РОЛЬ *зат.* 1. Актёр тарабынан сахнада, кинофильмде ж. б. аткарылуучу драмалык образ. *Бул—оюн. Роль аткарып жаткандыңды түшүн* (Бейшеналиев).

2. Пьесанын жүрүшүндө артисттин айтуучу сөздөрү. *Ролдор жазылган дептер.*

3. Кандайдыр бир иште, окуяда сиңирген эмгегинин, тийгизген таасиринин маанисси, алган орду.

РОМ *зат.* Күчтүү алкоголдук ичимдик.

РОМАН *зат. адаб.* Көбүнчө проза түрүндө баяндоо иретинде жазылган, татаал сюжеттүү, көлөмү жагынан чоң көркөм чыгарма. *Тарыхый роман. Илимий-фантастикалык роман.*

РОМАНС *зат.* Лирикалык мүнөздө, көбүнчө обон менен айтылуучу кичирээк музыкалуу чыгарма.

РОМАНТИЗМ *зат.* 1. Биринчи планга адамдын керт башынын таламдары менен сезимин коюп жана өзүнүн чыгармачылык ишинде тарыхый жана элдик-поэтикалык темаларды пайдаланган классицизмдин канондоруна каршы күрөш жүргүзгөн XIX кылымдын биринчи чейрегиндеги адабият менен искусстводогу агым.

2. Адабият менен искусстводогу адамдын эң жогорку милдетин көрсөтүүгө умтулган багыт. *Революциячыл романтизм.*

РОМБ *зат.* 1. *мат.* Бардык жактары бирдей, ал эми бурчтары болсо түз эмес параллелограмм.

2. Советтик Армиянын жогорку командалык составынын ушундай формадагы айырмалануу белгилери (1943-жылы погон киргизилгенге чейин).

РОТА *зат. сог.* Кадыресе батальондун составына кирүүчү аскер бөлүгү. *Түштө рота катарга тизилди* (Абдукаримов). *Чолпонбай дивизиядагы бардык роталарда.. ардактуу кызыл аскер болуп эсептелди* (Жантөшев).

РОТАТОР *зат.* Кол жазманы, сүрөттү көп кылып көбөйтө турган аппарат.

РОЯЛЬ *зат.* Клавишалуу музыкалык инструмент. *Роялда ойноо.*

РУДА *зат.* Металл же анын бирикмелери бар табигый минералдык сырьё.

РУКСАТ уруксат менен бирдей.

РУЛОН *зат.* Кагаздын, клеёнканын ж. б. түрүлгөн түрмөгү.

РУЛЬ *зат.* 1. Автомобилдин, пароходун, самолёттун ж. б. жүрүшүн, жүрүш багытын башкаруу үчүн жасалган тетик. *Шофёр рулду элпек тегеретип, машинаны эркин башкарат* («Ала-Тоо»). *Тракторист, рулду бек кармагын, Эрители асыл жердин каймагын* (Акаев).

2. *өт.* Башкаруучу борбор, орган.

РЫЦАРЬ *зат.* 1. Батыш Европада орто кылымдарда согуштук-жер ээлөөчү сословиеге жатуучу феодал.

2. *өт.* Эр көкүрөк, бирөөнүн, бир нерсенин эр жүрөк коргоочусу.

РЫЧАГ *зат.* Таяныч точкасын айланып жана аз күчтүн жардамы менен көп күчтү теңдештире турган жасалга.

РЮКЗАК *зат.* Ийинге салып, аркага асынып жүрүүчү боолуу баштык.

РЮМКА *зат.* Ичкилик иче турган, көбүнчө буттуу кичинекей стакан, айнек идиш.

С

СА *этиш.* Малдан сүт алуу үчүн эмчегин тартуу. *Кой саа. Уй саа. Бээ саа.*

СААДАК *зат.* 1. Жаа. *Саадак тартуу. Саадактын огу шаркылдап, Кылычтын баа ры жаркылдап* («Манас»).

2. Жаанын огун салуучу баштык. *Саадакта огум түгөндү, Күпсүрдө дарым күбүлдү* («Семетей»).

СААДАКЧЫ *зат.* Саадак тарткан, саадак менен куралданган жоокер.

СААДЫР саа этишинин аркылуу мамилеси.

СААЛ I *сын.* 1. Кичине, бир аз, анчамынча. *Күмүшай саал калтаарый түшүп, буйдалып калды* (Аалы).

2. Начар, жетишсиз, чамалуу. *Алы саал. Окаты саал адам.*

СААЛ II саа этишинин туюк мамилеси.

СААМАЙ *зат.* Баштын кулак менен чекенин аралыгындагы каптал жаккы бөлүгү жана ушул жерге өскөн чач.

СААМАЛ *зат.* Жакшы ачый элек, ачып жетиле элек кымыз. *Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен да саамал* (макал).

СААМАЛЫК *зат.* Жаңылык; жакшылыктын жышааны, демилге. *Республика*

үчүн өзүнчө коллектив болуп мамлекеттик хордун түзүлүшү эң сонун саамалык («Ала-Тоо»). *Коммунисттик эмгектин бригадалары эң сонун саамалык болуп саналат* («Коммунист»).

СААН *зат.* 1. Саала турган мал. *Сааныңды камдаганча, сабаңды камда* (макал). *Саан үй. Саан бээ.*

2. Саала турган, саалуучу учуру жеткен маал, убак. *Бээ саан болду. Үйлардын желиндери чытырап, түшкү, кечки сааында тепселе басып келишет* (Бейшеналиев).

3. *тар.* Күчүн сатып эмгектенген акысы үчүн убактылуу сүтүн ичишке алынган мал. *Чоң курсак байлар чердеңдеп, «Беш эчки саан бергем», — деп* (Бөкөнбаев).

СААНЧЫ *зат.* Коомдук малды (көбүнчө үйларды) саай турган адам.

СААТ I *зат.* Жолтоо, кесепет. *Жаан саат кылды. Эшендин кесир саатынан Элсизге нечен түнөдүм* (Токтогул).

◆ **Саат-сабыр** — жолтоо, кесепет, кырсык. *Саат-сабыры жок болсо, эки күндө кирип барасыңар* (Жантөшев). **Кара саат** — ак санабаган, жамандык ойлогон, каран ниет. *Каргышы ката кетпеген Кара саат жан экен* («Эр Төштүк»).

СААТ II *зат.* 1. Суткалык убакытты өлчөө үчүн колдонулуучу прибор. *Кол саат. Чөнтөк саат.*

2. 60 минутага барабар убакыт. *Пароходдун келгенине үч-төрт саатча болгон* («Советтик Кыргызстан»).

СААТТУУ I *сын.* Кесепеттүү, кырсыктуу, каргашалуу. *Çаадактын баарын ок кылды, Саатту жети кемпирди Дүнүйөдөн жок кылды* («Сейтек»)

СААТТУУ II *сын.* Сааты бар, саат тагынган.

САБА I *зат.* Көбүнчө төөнүн, бодо малдын терисинен ыштап жасалган кымыз ачытылуучу идиш. *Жалгыз бээнин сүтү сабага жук болмок беле* (Абдукаримов). *Сүттү сабага куяры менен алмаксалмак бышышты* (Аалы).

САБА I *этиш.* 1. Уруу, согуу, камчыга алуу, токмоктоо. *Кудаке шайтан аябай Камчылап сабап урду дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Катылышкан адамды Элемандын Төштүгү Карсылдатып сабады* («Эр Төштүк»).

2. Жүндү сабоо менен чапкылап, үлпүлдөгөн абалга келтирүү. *Жүнүн сабап, чийин чырпап ар кимдин, Сен элең го бир кезекте эзилген!* (Турусбеков). *Жасады чыбык кыркып элүү сабоо, Жүн сабап, кийиз жасар күз келгендей* (Үмөталиев).

◆ **Жанын сабоо** — белгилүү бир максат үчүн аябай аракет кылуу, кара жанын карч уруу. **Жер сабоо** — абдан ачууланууу, жаалдануу, ачуусу келүү.

САБАК I *зат.* Өсүмдүктөрдүн гүлү, мөмөсү же жалбыректары туташып өскөн бөлүгү. *Ашкабактын сабагы. Алма сабагынан ашып түшпөйт* (макал). *Гүлдөр сабагынан үзүлүп түшө элек.*

САБАК II *зат.* Ыр түрүндө жазылган чыгарманын бир бөлүгү. *Эки сабак ыр. Ала дуңган, көк тамак, Айтылып өтсүн бир сабак* (Тоголок Молдо). *Медет бир сабак ыр жазып, Акматка окуп берди* («Советтик Кыргызстан»).

САБАК III *зат.* 1. Окутуу ишинде өтүлүүчү ар кандай предметтер. *Арифметика сабагы. География сабагы.*

2. Окутула турган билим тармагына (предметтерге) карата ыйгарылып бөлүштүрүлгөн сааттар. — *Бүгүн канча сабагың бар? — деп сурады директор башталгыч класстардын мугалиминен* («Ала-Тоо»).

3. Таалим, үлгү. *Ак сакал болгон Токомдон Акындык сабак алган жер* (Аалы).

4. *өт.* Кандайдыр бир окуядан, кырсыктан улам пайда болуп, кийин эске алууга байкай жүрүүгө туура келген ой, жыйынтык. *Бул сен үчүн сабак болсун. Айгырдын уурдалышы бизге чоң сабак болду* (Байтемиров).

САБАЛА *этиш.* 1. Өтө ыкчам, тез жүрүү, өтө тез кыймылдоо. *Максут бир атты минип, бирөөнү коштой сабалап, жар, чаптуу тоону карай үюлгүтүп көтөрүлө берди* (Сыдыкбеков). *Тынбай эле сабалап келип жатышат.*

2. Зыпылдап катуу учуу. *Сары жибек боосун көтөрүп, Сабалап учкан түйгундай* (Бөкөнбаев). *Ак шумкардай сабалап Самолётту минем дейт* (Осмонкул).

3. Тынымсыз катуу жаап туруу. *Мөндүр сабалап турат. Түнү бою брезентти дыбырттатып сабалаган жаан уйку бербеди* (Бейшеналиев).

САБАЛАТ сабала этишинин аркылуу мимилеси.

САБАЛОО сабала этишинин кыймыл атоочу.

САБАТ I *зат.* 1. Кат тааный билгендик (өз алдынча жазып жана окуй алгандык). *Сабаты бар адам. Чала сабат.*

2. Белгилүү бир билим тармагы боюнча кабары, маалыматы бар экендик. *Саясий сабаты толук адам. Техникалык жактан сабаты бар адистер.*

САБАТ II саба этишинин аркылуу мамилеси.

САБАТСЫЗ *сын.* Сабаты жок, кат тааныбаган.

САБАТСЫЗДЫК *зат.* Сабаты жоктук, кат тааныбагандык. *Биздин өлкөбүздө сабатсыздык небак жоюлган.*

САБАТТУУ *сын.* Сабаты бар, кат тааныган. *Сабаттуу адам.*

САБАТТУУЛУК *зат.* Сабаты барлык, кат тааныгандык.

САБАШ 1. саба этишинин кош мамилеси.

2. Бири-бири менен урушуу, токмоктошуу, бирин-бири сабоо. *Эки тарап болушуп сабашат деп укчу элем* (Калык).

САБИЗ *зат.* Желе турган кызгылтым, сары түстөгү сүйрүрөөк келген тамыры бар огород өсүмдүгү.

САБОО I *зат.* Жүн сабай турган ыргай же табылгы чыбык.

САБОО II саба этишинин кыймыл атоочу.

САБОТАЖ *зат.* Иштемиш болуп, ишти аткарууга катышкан сыяктанып, бирок

аны атайлап үзгүлтүккө учуратуу же так, сапаттуу кылып орундатпай коюу аракети.

САБЫР *зат.* Чыдамдуулук, токтоолук, өзүн өзү токтото билгендик; кандайдыр бир кыйынчылыкка, кайгыга көрсөтүлгөн кайрат. *Сабырдын түбү сары алтын* (макал). *Сабыр кылуу.*

◆ **Сабыры суз** — көңүлсүз, капалуу, маанайы пас. [*Кычан*] *далысын салган атасынан жооп күткөндөй сабыры суз үңүлөт* (Бейшеналиев). *Уулунун сабыры суз турганын байкай коюп, Калмурат: — Эчтеке эмес, мен да куду сага окшоп чоңойгомун, — деди* (Абдукаримов).

САБЫРДУУ *сын.* Токтоо, сабыр кыла билген. *Сабырдуу болсоң озорсуң, сабырсыз болсоң осолсуң* (макал). *Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка* (макал).

САБЫРДУУЛУК *зат.* Токтоолук, сабыр кыла билүүчүлүк.

САБЫРКА *этиш.* Санааркоо, кыйналуу, азаптануу, жаны кейүү, жапа чегүү. *Сабыркайм жолду тиктеп эртели кеч, Неликтен кечигет деп атам — жаным* (Абдыраманов). *Бүткөн боюм ооруп, сабыркап жүрдүм* («Ала-Тоо»).

САБЫРКАН **сабырка** менен бирдей.

САБЫРКАТ **сабырка** этишинин аркылуу мамилеси.

САБЫРКОО **сабырка** этишинин кыймыл атоочу.

САБЫРСЫЗ *сын.* Сабыры жок, сабыр кыла албаган; шашкалак, чыдамы жок.

САГАК *зат.* 1. Ээк алды.

2. Ээк алдынан өткөрүлүп, эки сөйкөнү бириктирип туруучу күмүш чынжыр.

3. Сагалдырык.

САГАЛА *этиш.* Көз салып кароо, аңдуу, көзүн артуу. *Атка саман салганда, Сагалаган торпогум* (Тоголок Молдо). *Карды ачкан кара казанды сагалайт* (макал).

САГАЛАТ **сагала** этишинин аркылуу мамилеси.

САГАЛДЫРЫК *зат.* Жүгөн, ноктo түшүп калбас үчүн аттын алкымынан алып байлай турган кайыш боо.

САГАЛОО **сагала** этишинин кыймыл атоочу.

САГЫЗ *зат.* Карагайдын бооруна чыккан кургак чайыр. [*Жумагүл*] *ар бир карагайдын түбүнө жүгүрүп барып сагыз издейт* (Шимеев).

◆ **Сагыз куурай** — сагыз болуучу сүтү бар, тарам-тарам болуп бөлүнүп өсүүчү куурай.

САГЫЗГАН *зат.* Каргалар тукумуна кирүүчү ала-була түстүү, узун куйруктуу, шакылыктап үн чыгаруучу канаттуу. *Сагызган шакылыктап, жар таштын башына келип коно калды* (Сасыкбаев).

◆ **Сагызган изи** — кыламык, бир аз гана (жааган кар жөнүндө).

САГЫН *этиш.* Эңсөө, самоо, көксөө, каалоо сыяктуу сагынычтык сезиминде болуу, кусалануу. *Курбулар, көптөн бери Жапардын созолонтуп ырдаганын сагындык* (Бөкөнбаев). *Сагынган теңтуштарыма учураштым* (Сыдыкбеков). *Сагындым Ала-Тоону, туугап элди, Ата-энем мекен кылган ыйык жерди* (Абдыраманов).

САГЫНДЫР **сагын** этишинин аркылуу мамилеси.

САГЫНУУ **сагын** этишинин кыймыл атоочу.

САГЫНЫЧ *зат.* Куса болгондук, самагандык, эңсегендик, көксөгөндүк. *Бир топтон бери сагыныч менен саргайып күткөн көк конверт колуна тийди* (Абдумомунов).

САГЫНЫЧТУУ *сын.* Сагыныч туудурган, сагындыра турган. *Бактымды чексиздиң деп эсептедим, Ичтеги сагынычтуу сырларды ачып* (Абдыраманов).

САГЫНЫЧТЫК *зат.* Сагынгандык, куса болгондук, самагандык, көксөгөндүк.

САДАГА *зат.* 1. *дин.* Ар балаадан сак болуу, оорудан сакаюу, көз тийгендиктен оңолуу ж. б. максат үчүн диний ишеним боюнча жасалган курмандык, бирөөгө берилген кайыр.

2. *өт.* Эркелетүү же бирөөгө жалынып-жалбаруу иретинде айтылуучу сөз. *Энелердин колунан даам таткыла, садагалар!* (Сыдыкбеков). *Бактылуу эркин элимдин Балдары силер, садага!* (Нуркамал). *Сакадай болгон берекем, Садагаң кетсин энекең* (Бөкөнбаев).

САЗ I *зат.* 1. Токтоп калган суулуу, шалбаалуу, чым көңдүү жер.

2. Кер сары тарткан, саргыч тарткан, кубарган өң. *Коркконунан далай эл Кызыл өңү саз болгон* («Жазгыч акындар»).

САЗ II *зат.* Закавказье, Иран, Афганистан жактарга тараган комузга окшош музыкалык инструмент. *Самаган саздын үнүндөй Салтанат экен күүлөрүң* (Бөкөнбаев).

САЗ III *сын. диал.* Жакшы, түзүк. *Аз болсо да саз болсун* (макал).

САЗАЙ *зат.* 1. Шариятка каршы болгондорго көпчүлүк алдында маскаралоо, абийрин төгүү аркылуу көрсөтүлгөн жаза.

2. Жалпы эле жаза, айып, кыйноо. *Сазайын колуна берүү. Сазайын окутуу.*

САЗАН *зат.* Кабырчыктары чоң-чоң келген, карптар тукумуна кирүүчү промыслолук балык.

САЗДАК *сын.* Сазы бар, саздуу. *Айылга жакын саздак жылга менен Сызылып агып жаткан таза булак* (Турусбеков). *Саздак жерлерди кургатуу жана өздөштүрүү. Сүрдөбөй эптүү кармап чапкыларын Саздак жер машиналар барбас жагын* (Осмонов).

САЗДУУ *сын.* Саздак, сазы бар.

САЙ I *зат.* 1. Суу жүргөн нук, алыш. *Кар эрип, сайларда суу көбөйгөн кез*(Үмөталиев).

2. Мылтыктын стволуна, бурамага ж. б. жылга-жылга оюк түрүндө түшүрүлгөн из. *— Кана, мындай болгула! — деди Ашыр, туткасына чейин бураган сайы бар бургуну алып [келип]* (Сасыкбаев).

САЙ II *сын.* Көрүнүктүү, ашкан (күлүк жөнүндө). *Сай күлүк. Сай тулпар. Сай буудан.*

САЙ III; аягы сай таппоо *к.* **аяк I.**

САЙ IV *этиш.* 1. Учтуу, курч нерсени матыруу, киргизүү. *Жигит күрөгүн көмүрдүн үстүнө ура сайды* (Сасыкбаев). *Жаш да болсо Мендирман, Найзаны жаза сайбаган* («Мендирман»). *Намыс үчүн жоо сайган Баатырдын көркү урушта* (Токтогул).

2. Саймалап түр салуу, кооздоп тигүү. *Сайма сай.*

3. Көчөт отургузуу, тигүү. *Сайган бак, сепкен эгин жана башка Көкөлөп эмгек менен өсүп өнмөк* (Бөкөнбаев).

4. Байге, мелдеш үчүн бир нерсе коюу. *Элемандын Төштүгү Сайган мөөрөй барысын Алат деген эмне?* («Эр Төштүк»). *Байгесинин башына Тогуз нарча төө сайды* (Тоголок Молдо).

◆ **Башын (өмүрүн) саюу** — бир нерсени аткаруудан эч тартынбоо, коркпой, жалтанбай белсенип киришүү. *Өмүрүн сайып эл үчүн, Бактынын шамы Маскөөнү Баштарын сайып коргоду* (Бөкөнбаев). **Шишке саяр эти жок** — өтө арык. **Азуу саюу** — жылкынын азуу тиштери чыгуу, жылкынын бешинчи жашка толушу.

САЙГАК *зат.* Мүйүздүү ири малдардын терисине личинкасын салуучу, чымын-чиркейлердин тобуна кирген канаттуу мите. *Саратанда токтобой, Сайгак кууган торпогум* (Тоголок Молдо). *Сайгак тийген кызыл музоо анда-санда бир тийип, Тентек-Сайды аралай чапты* (Байтемиров). *Сайгактан жан далбаса кылган кээ бир уйлар.. көлөкө издөөдө* (Бейшеналиев).

САЙГАКТА *этиш.* Сайгактан кутулуу үчүн өдө-төмөн жүгүрүү, сайгактан качуу. *Өйдө-төмөн сайгактап, уйлар качат соксоктоп* («Эр Төштүк»). *Ой, Атай, уйлар сайгактап келатат* («Ала-Тоо»).

САЙГАКТАТ сайгакта этишинин аркылуу мамилеси.

САЙГАКТОО сайгакта этишинин кыймыл атоочу.

САЙДЫР сай этишинин аркылуу мамилеси.

САЙЛУУ *сын.* Сайы бар, сай чыгарылган. *Сайлуу мылтык.*

САЙМА *зат.* Кооздук үчүн бир нерсенин бетине сайып түшүрүлгөн түр. *Кыргагына калмактын Ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»). *Сайма жоолук.*

САЙМАЛА *этиш.* Сайма саюу, сайма түшүрүү.

САЙМАЛАТ саймала этишинин аркылуу мамилеси.

САЙМАЛОО саймала этишинин кыймыл атоочу.

САЙМАЛУУ *сын.* Саймаланган, сайма менен кооздолгон, саймасы бар. *Саймалуу баштык. Саймалуу белдемчи.*

САЙМАЧЫ *зат.* Сайманы жакшы саюучу, уз.

САЙРА *этиш.* 1. Кубулжуган үн салуу, кубулжутуп таңшуу (сайроочу куштар жөнүндө). *«Баг-баг, баг-баг, бытпылдык, бытпылдык» деп сайраган бөдөнөлөрдүн ченеми жок* (Жантөшев). *Жашара бер, Фрунзем, гүл оронуп, Сайрай берсин багыңа булбул конуп* (Үмөталиев). *Токоюнда булбулу Токтоосу жок сайраган* (Тоголок Молдо).

2. Уккулуктуу, жагымдуу кылып ырдоо, үнүн безеп таңшуу. *Топ жыйында көргөндө Токтоосу жок сайраган* (Тоголок Молдо).

3. Уккулуктуу, таңшыган күү чыгаруу (комуз жана кээ бир музыкалык аспаптарга карата). *Көчөдө бопбоз чаң бурап, Күү чыгат сайрап шаңгырап* (Бөкөнбаев).

4. Көп сүйлөө, безеленүү. *Кара тилин кайраган, Хан алдында сайраган* («Манас»).

САЙРАГЫЧ *сын.* Жакшы сайроочу; жакшы, кооз, кубулжутуп сайраган.

САЙРАН *зат.* 1. Сейилдик, дем алуу.

2. Кең, эркин (талаа, жер жөнүндө). *Сайран талаа. Сайран жер.*

3. Жыргал, эркиндик, бакыт, шаттык. *Салтанат, сайран өлкөмдү, Сайрабай кантип турамын* (Бөкөнбаев). *Кандай сайран, кандай сонун бул турмуш* (Элебаев).

◆ **Сайран куруу** — сайрандоо, шаттануу, шапар тебүү, таң-тамаша куруу. *Көлдүн кылаасын, сайран курчу күндөрүбүздү, Шамбет, сенин ырыңды, Элебестин жомогун эскердик* (Сыдыкбеков). *Тынчтык деген Сайран куруп, Бак аралап жүргөндөй* (Нуркамал).

САЙРАНДА *этиш.* Шаттануу, шапар тебүү, таң-тамаша куруу. *Жаштыктын багын сайрандап, Жадырап бирге гүлдөдүк* (Бөкөнбаев). *Дүнүйөнүн ыракатын тургузуп, Сан жыргалга сайрандайбыз канабыз* (Элебаев).

САЙРАНДАТ сайранда этишинин аркылуу мамилеси.

САЙРАНДОО сайранда этишинин кыймыл атоочу.

САЙРАТ сайра этишинин аркылуу мамилеси.

САЙРОО сайра этишинин кыймыл атоочу.

САЙРООН *зат.* Суунун тайыз тарткан жери. *Чөп башын кертпей ылаалап, Жылкылар турар сайроондо* (Маликов).

САЙРООНДО *этиш.* Суунун тайыз тартканын, сайроон жеринен өтүү. *Суудан сайроондоп кечтим.*

САЙРООЧУ *сын.* Сайрагыч, сайрай турган. *Сайроочу куштар.*

САЙЫН I *жанд.* Аныктоо, тактоо, белгилөө маанисинде колдонулат. [*Далбай*] *жүз тубар койдон жыл сайын жүз он, жүз он бешке чейин козу асырайт* (Байтемиров). *Карасаң колхоз кыштагын, Күн сайын барат жашарып* (Осмонкул).

САЙЫН II сай (1-маанисинде) этишинин өздүк мамилеси.

САЙЫШ I *зат.* 1. Ат үстүнөн найзалашып беттешкен уруш. *Аралап кирсең сайышка Адамдан кыйын сак эле* («Курманбек»).

2. Ат үстүнөн бири-бирин сайып түшүрүү мелдеши. *Сайышта Чүйдөн барган Тиштээк деген Беттешмек Аксакалдай балбан менен* (Маликов).

САЙЫШ II сай этишинин кош мамилеси.

САК I *сын.* Дени соо, оорубаган. *Саламат барып сак келгин!*

◆ **Сак-саламат** — аман-эсен, дени соо. *Сак-саламат жүрөсүзбү? Током, сак-саламат келдиңби?*

САК II *сын.* 1. Сезгич, сезе коймо. *Кулагы сак. Атка жеңил, тайга чак, Уйкусу жок, жолго сак* («Манас»).

2. Алды-артын байкаган, кылдат, сактана билген. *Жамандыкка чалынбайт, Өз башына өзү сак* (Токтогул).

САКА *зат.* Чүкө оюнунда чүкөнү атуу үчүн колдонулуучу коночоок, атууга эптүү жана салмактуу келген чүкө (көбүнчө тоо текенин, аркардын, кулжанын же эликтин чүкөлөрү). *Коночоок сака. Кыйшык консо сакасы, Кызарышып чырдашып, Сөгүнүшөт балалык* (Токтогул).

САКАДАЙ *сын.* Тула бою жыйнак, тыгырчыгынан келген чымыр. *Кишимжан келди буралып, Сакадай бою чыңалып* («Олжобай менен Кишимжан»).

САКАЙ *этиш.* Айыгуу, оорудан жакшы болуп кетүү. *Балдар туш-туштан жаалашты: — Дарыларды тез жут, Ашым, тез сакаясың!* (Сыдыкбеков). *Бүгүн Жылдызкан оорусунан сакайып, мектепке барган* (Байтемиров).

САКАЙТ сакай этишинин аркылуу мамилеси.

САКАЛ *зат.* 1. Эркектердин жаактан ылдый тарта, ээкти каптай чыккан кылы. *Сакалдын көркү чалда бар, Сулуунун көркү калда бар* (Токтогул).

2. Айрым айбандардын (мис., эчки-текенин) ээк алдына узун жана топ болуп чыккан жүнү.

◆ **Ак сакал аксакал** менен бирдей.

САКАЛДУУ *сын.* Жашы улуу, улгайган, улуулук жолу бар. — *Сакалдуу башы менен акеме эмне болду!* (Убукеев). *Сакалдуу киши жоого түшөрбү?* (макал).

САКАЛДУУЛУК *зат.* Жашы улуулук, жаш жагынан улуулук жолу бар болгон абал.

САКАНАК *зат.* Керегенин бурчтарындагы кыска жыгачтары. *Сакanактары сынып бүткөн кереге* (Жантөшев).

САКАЮУ сакай этишинин кыймыл атоочу.

САКВОЯЖ *зат.* Колго алып жүрүүгө ылайыктуу, оозунда бекитмеси бар сумка.

САКМАНЧЫ *зат.* Койлордун жаңы төлүн асыроочу адам.

САКОО *зат.* 1. Жаш жылкынын (кулун, тайлардын) көбүнчө алкым жакты бездеринин ириндеп кеткен жугуштуу ылаңы.

2. Кекеч, кекечтенип түзүк сүйлөй албаган адам.

САКСАЙ *этиш.* Үрпөйүп иретсиз, көрксүз болуп көрүнүү (жүн, чач, сакал жөнүндө). *Төбө чачы тик туруп, Чал сакалы саксайды* («Мендирман»). *Саксайган сары аюу бар, Аюуда далай каруу бар* (Тоголок Молдо).

САКСАК *сын.* Жүндөрү, көрпөсү саксайган. *Башында чоң саксак тебетей* (Аалы). *Саксак көрпө тумакчан* (Бейшеналиев).

САКСАҢ саксак менен бирдей.

САКСАҢДА *этиш.* Саксайган, үрпөйгөн кебетеде болуу. *Суксур сүйүнгөнүнө чыдабай жылаң баш саксаңдап кирип келди* (Абдумомунов).

САКСАҢДАТ саксаңда этишинин аркылуу мамилеси.

САКСАҢДОО саксаңда этишинин кыймыл атоочу.

САКСАЮУ саксай этишинин кыймыл атоочу.

САКСЫН *этиш.* Сак көрүнүү, сак болгонсуу.

САКТА *этиш.* 1. Бир нерсени бөлүп катып коюу, башкага тийгизбей, коротпой катуу. *Куба курут, сары май Сактап жүрдүң ар дайым* (Нуркамал).

2. Коргоо, кол салдырбоо, тышкы аракеттин зыяндуу таасирине учуратпоо, аман алып калуу. *Жоодон сактап калкыңды, Эл алкышын ала жүр* («Мендирман»). *Ажалдан, ар кандай кырсыктан сактап калуу.*

3. Асыроо, асырап багуу, чыгымга учуратпоо, жок кылып жибербөө. *Планынан малды ашыра сактады* (Осмонкул). *Ат сактаган ат минет, тон сактаган тон киет* (макал).

4. Тутуу, кармоо, ойдон чыгарбоо, унутпоо. *Кек сактады. Кир сактады. Эсине сактады. Атанын акыл сөзүн сакта, досум!* (Шимеев). *Абаңдын айткан ырларын Алтындай сактап түйүп ал* (Токтогул). *Тартип сакта. Адеп сакта.*

5. Белгилүү бир жайда болуу, туруу. *Каркылдап каздар көл сактайт, Кара ылаачын чөл сактайт* (Токтогул'). *Алтымыш жаштан ашканда, Айылдын дөңүн сактайсың* (Тоголок Молдо).

◆ **Жан сактоо** *к.* **жан I.**

САКТАЛ сакта этишинин туюк мамилеси.

САКТАН сакта этишинин өздүк мамилеси.

САКТАТ сакта этишинин аркылуу мамилеси.

САКТОО сакта этишинин кыймыл атоочу.

САКТЫК *зат.* Этияттык, кыраакылык, сергектик, сезгичтик. *Сактыкка кордук жок* (макал).

САКЧЫ *зат.* 1. Кароолчу, кайтаруучу. *Кылыч алып кымпыйган, Так кырк балбан сакчысы* («Манас»). *Көрбөсүн душман кокус деп, Сыртынан сакчы коюшту* («Мендирман»).

2. Чек араны сактоочу, кайтаруучу жоокер. *Өлкөсүн өз жанындай бекем сүйгөн, Кайраттуу кызыл чекте сакчыбыз бар* (Осмонкул).

САКЧЫЛЫК *зат.* Сакчы болуу, бир нерсени кайтаруу, сактоо иши. *Калың токой арасында, Сакчылыкта турамын* (Мидин).

САЛ I *зат.* 1. Устүнө ар кандай жүктөрдү салып, суу үстү менен алып өтүүгө жеңжүктү суунун бир жээгинен экинчи жээгине алып чыгарууга керектелүүчү устундардын катар-катар коюлган тизмеги. *Тээктеп байлап сал кылып, Ушул сууга салабыз* («Мендирман»).

2. Катар-катарынан тизмектелип, суу үстүнөн агызылган карагайлар.

САЛ II *этиш.* **1.** Бир нерсенин ичине же бетине жайлаштыруу, коюу. *Балдар ойноп чөнтөгүнө салып жейт, Боорсок кылам ак буудайдын унунан* (Осмонов). *Жамила дасторкон жайып, ага чача боорсок салды* (Баялинов). *Жаңы өзөндүн, Алма, жүзүм, дарбызын, Тандап үзүп, Ящиктерге салабыз* (Маликов).

2. Жаюу, төшөө (кийиз, төшөк ж.б. жөнүндө). *Төшөк сал. Шырдак сал.*

3. Куруу, жасоо. *Келишкен аппак там салып, Терезе, каалга чоң болду* (Шайбеков). *Асканы муздай талкалап, Жол салып өткөн кез үшүл* (Бөкөнбаев). *Жыгачтан уя салгыла Ала шалбырт жаз менен* (Осмонов).

4. Малга тоют берүү. *Андрей эрте туруп алып уюна чөп салып, бастырманын үстүндө жүргөн* (Байтемиров). *Ашыр аке акыларга саман салып, өзүнчө кобурады* (Убукеев).

5. Бир нерсени катыштыруу, кошуу. *Чайга кант салды. Тамакка туз салды.*

6. Казанга түшүрүү, бышыруу (эт жөнүндө). *Чайки эт койбой салгыла, Бүт бышырып алгыла* («Эр Табылды»).

7. Жүктөө, үстүнө коюу. *Машинага жүк салды. Кетменин ийнине салып, сугатка жөнөдү.*

8. Киргизүү, матыруу. *Бычак салды. Найза салса бойлобойт.*

9. Дуушар кылуу. *Жабырга мынча салгыдай, Менде кудайдын өчү бар беле?!* (Токтогул). *Түйшүккө салдың, Эрназар, Түнкатар, Саяк тууганды* (Токтогул).

10. Сүйлөө, бир нерсе айтуу, сырдоо. *Кеп сал. Сөз сал. Комузуңду колуңа ал, Ойкуштанып обон сал* (Токтогул).

11. Коюп жиберүү, чаап жиберүү, тартып жиберүү. *Башка бир салды. Чал атын моюнга бир салды. Камчы менен бир салды.*

12. Бир жакка бет алып жүрүү. *Үйдү көздөй салды. Аттанып алды да, төмөн карай салып кетти. Ак-Сууну көздөй кеткен кара жолго салдым.*

13. Белгилүү бир өзгөчөлүгүнө, артыкчылыгына таянуу, ошондон пайдалануу. *Күчкө салып жеңүү. Өжөрлүгүнө салды. Чечендигине салып сөз бербөө.*

14. Почта аркылуу жөнөтүү, жиберүү. *Акча салды. Кат салды.*

15. Алгыр куштар менен аңчылык кылуу. *Куш салды. Бүркүт салды. Ителги салды.*

16. Кийүү, жамынуу (кийим-кечени), башына байлоо (жоолукту). *Сандалымды бутума салдым да, Эсенгелди абышкага жөнөдүм* («Жаш ленинчи»). *Ак шайы салган башына Алганың келди мына эми* (Нуркамал).

17. Туур маалына жете электе бала ташап коюу. *Кулун салды. Музоо салды. Козу салды.*

18. Саала турган малды ийитиш үчүн жаш төлүн (кулунду, музоону ж. б.) бир аз эмизүү. *Кулун салып бээ саадыруу. Музоо салып ийдирүү.*

19. Катуу, кийгизүү (ноктону, жүгөндү); илинтүү (укурукка, чалмага); илүү, өткөрүү (сөйкөнү, шакекти, билерикти). *Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы* (макал). *Азоолорду чалма салып үйрөтүп* (Осмонкул). *Шакек сал. Сөйкө сал.*

20. Малдын эркек төлүн (кочкор, айгыр ж. б.) ургаачыларына кошуу үчүн ыйгарып калтырып коюу. *Кочкор сал. Айгыр сал. Теке сал.*

21. Жалпы кароого коюу. *Көпчүлүккө салды. Элге салды. Жыйналышка салды. Добушка салды.*

22. Мөмө алуу, мөмө байлоо. *Өрүк мөмөнү көп салды. Мөмө сала турган жемиш бактар.*

23. Кандайдыр бир ишке чегүү, буюруу, ишке пайдалануу. *Жумушка сал. Кетменге сал. Сугатка сал.*

24. Баштоо, чыгаруу (чыр, чатак, чуу ж. б. карата). *Чатак сал. Чуу сал. Чыр сал.*

25. Кандайдыр бир ишти жүзөгө ашыруу, орундатуу үчүн бирөөгө карата кадырын, көңүлүн пайдалануу, колдонуу. *Кадырын салды. Көңүлүн салды.*

26. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Айта сал. Бере сал. Бүтүрө сал. Жаза сал. Ары-бери кыла сал.*

◆ **Сала-сал кылуу** — башка бирөөгө жүктөй салуу, башкага түртө салуу. *Иште бирөөгө сала-сал кылбай, өзүң бүтүр.* **Биринен сала бири** — биринен кийин бирөө, бири-бирине удаа. **Бой салуу** *к.* **бой I. Кол салуу** *к.* **кол I. Башын жерге салуу** — 1) уялуу, тике карай албай ийменип, батына албай коюу; 2) кайратсыздык кылуу, капага жендирип, шылкыйып калуу. **Сөйкө салуу** *к.* **сөйкө 1.**

САЛАА *зат.* **1.** Манжалардын арасындагы аралык. *Жеңиш катты оң колунун салаасына кысып, велосипедин минип, учкан куштай зыпылдады* («Жаш ленинчи»). *Салаа менен ак сакалын тарады* (Аалы).

2. Тарам-тарам болуп кеткен кокту, колот, суунун бөлөк-бөлөк агымы. *Өзөндүн башы төрт салаа* (Сыдыкбеков). *Батышты көздөй салаа-салаа жылгалуу, майда-майда чыбырдуу бөксө тоо созулуп кетет* (Таштемиров).

3. Колдун манжалары. *Ширеңкенин талындай болгон баланын арык салаалары. Беш салаа батпас тар жер.*

САЛААЛА *этиш.* **1.** Тарам-тарам болуп бөлүнүп туруу. *Коктуларынан салаалап аккан тунук булак* (Жантөшев). *Салаалаган тоолордо Малдарың өсүп жайылган* (Барпы).

2. Бир нерсени манжаларынын арасына алуу. *Ушинтет да ак сакалын салаалайт, Жымың этип жаш учкучтун бабасы* (Аалы).

3. Эки колдун манжаларын салааларына киргизип бириктирүү, туташтыруу.

САЛААЛУУ *сын.* Салааланган, салаа-салаа болгон.

САЛАБАТ *зат.* Бедел, нарк, сымбат. *Байкай салдым бир карап, Салабат чоң өзүңдү* («Мендирман»). *Менин сырткы сымбатыма, сүйкүмдүү салабатыма карап, мөлтүрөгөн жигит менен мойлолжуган келинге бактырып койду* (Жантөшев).

САЛАБАТТУУ *сын.* Салмактуу, нарктуу, даражалуу; кагылган, токтолгон;

САЛҚЫНДАТ **салкында** этишинин аркылуу мамилеси.

САЛҚЫНДОО **салкында** этишинин кыймыл атоочу.

САЛМАҚ *зат.* 1. Нерсенин, заттын салмактап өлчөө аркылуу белгилүү боло турган оордугу, оордук абалы. *Музоо жедеп көнгөндөй, баланын салмагын тоотпой, чийдин учун жалмалап турат* (Сыдыкбеков). *Ириктин ар бирөөн 70 килограмм салмак менен тапшырды.*

2. Күч, артыкчылык. *Сени коргоп өйдө турду баатыр эл, Салмагынан солкулдады кара жер* (Үмөталиев). *Дүйнө жүзүн дүңгүрөтүп салмагың, Элиң үчүн эрдигиңди арнадың* (Калык).

◆ **Салмак менен** — акырын, жай, шашпай. *Керим катты салмак менен окуй баштады* (Таштемиров).

САЛМАКТА *этиш.* Бир нерсенин салмагын болжоп көрүү, колго алып көтөрүп көрүү аркылуу салмагын аныктоо, байкоо. *Жүгөрүнүн ар сотосун колуна алып салмактап көрдү* («Ала-Тоо»).

САЛМАКТАН *этиш.* Салмактуу болуп көрүнүү, салмагы көбөйө түшүү; оор болгонсуу.

САЛМАКТАНУУ **салмактан** этишинин кыймыл атоочу.

САЛМАКТАТ **салмакта** этишинин аркылуу мамилеси.

САЛМАКТОО **салмакта** этишинин кыймыл атоочу.

САЛМАКТУУ *сын.* 1. Оор, салмагы көп. [*Чоң койчу*] *салмактуу чоң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев).

2. Оор басырык, токтоо. *Капитан Иринаны кучактап, салмактуу улуулук мүнөз менен эркелетип койду* (Жантөшев). *Адыл ачык мүнөздүү.. салмактуу адам* (Сыдыкбеков).

3. Олуттуу, орундуу. *Сакалын оң кол менен сылап алып, Салмактуу коргошундай сөзгө кирди* (Бөкөнбаев). *Анын коргошундай салмактуу сөздөрү* [*Күлжандын*] *кулагына угулуп турду* (Байтемиров).

САЛМАКТУУЛУК *зат.* 1. Салмагы барлык, салмагы көптүк.

2. Оор басырыктык, токтоолук. [*Камалбек*] *өтө тынч жана салмактуулук менен:—Сырларымы Зуннахун сага айткан беле? —деп сурады* (Жантөшев).

3. Олуттуулук, орундуулук. *Сөздөрүнүн салмактуулугу артыкча.*

САЛМООР *зат.* Күүлөнтүп таш ыргытууга ылайыкталган, таш салынчу кайышы жана боосу бар оюнчук курал. *Чакылдап чакчыгайлар ташка консо, Керилип салмоор менен урдум эле* (Токобаев).

САЛООМАЛЕЙКИМ *сырд.* Эркектер учурашууда айтылуучу сөз.

САЛП: салп-салп этүү — 1) саландап, ары-бери салпаңдап туруу; 2) тың эмес, бош, эби жок кыймыл-аракетте болуу. *Салп-салп этип желүү.*

САЛПАКТА **салпаңда** менен бирдей.

САЛПАЙ *этиш.* Бош, шалакы, жыйынтыгы жок көрүнүштө болуу. *Салпайып эле басып жүрөт. Салпайып учкашып алыптыр.*

САЛПАЙТ **салпай** этишинин аркылуу мамилеси.

САЛПАҢДА *этиш.* 1. Саландап туруу, салбырап, ары-бери салпылдап кыймылдоо.

2. Эби-сыны жок, олдоксон кыймылда болуу. *Салпаңдап айылды көздөй жүрүп калдык.*

САЛПАҢДАТ **салпаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

САЛПАҢДОО **салпаңда** этишинин кыймыл атоочу.

САЛПАЮУ **салпай** этишинин кыймыл атоочу.

САЛПАЯК *сын.* Жарамсыз, киши сыягы жок.

САЛПЫЛДА **салпаңда** менен бирдей.

САЛТ I *зат.* 1. Коомдук, традициялык көрүнүштөгү, жалпы элдик мүнөздөгү адат, каада; традиция. *Улуттук салт. Байыркы салтын ташташып, Маданий жолго кириштик* (Осмонкул).

2. Белгилүү бир нерсенин жөнү, эрежеси, шарты. *Адашпай түшөр бекемин Акындыктын салтына?* (Токтогул). *Оюн салты андай болбойт го?* (Сыдыкбеков).

САЛТ II Жүгү жок, жүксүз. *Салт атчан. Үйгө бара кетейин деп жолдон салт арабамды кайрыдым* (Айтматов).

САЛТАНАТ *зат.* 1. Кандайдыр бир чоң окуяга, юбилейлик датага арналган майрам, кубанычтуу шаттык. *Майрамдык салтанат. Октябрдик салтанат. Юбилейлик салтанат. Жеңиш күнүнө салтанат! Жеңгендерге салтанат!* (Осмонов).

2. Бир нерсенин ийгилиги, жеңиштүү натыйжасы, кубанычтуу жетишкендик. *Эмгектин салтанаты. Партиянын ленин-дик улут саясатынын салтанаты.*

3. Шаани, даңаза. *Бизди салтанат менен тосуп алышты. Салтанат менен жөнөтүү.*

САЛТАНАТТА *этиш.* Салтанаттуу кылуу, шаанилөө, бир нерсени шаан-шөкөт, даңаза, оюн-тамаша менен өткөрүү.

САЛТАНАТТОО **салтанатта** этишинин кыймыл атоочу.

САЛТАНАТТУУ *сын.* Салтанат менен өткөрүлүүчү, шаңдуу, даңазалуу. *Майрамга арналган салтанаттуу жыйналыш. Жыйырма жылдык салтанаттуу той күнү, Миң-миң алкыш улуу орус элине* (Аалы). *Советтик Гимн ойнолуп, Салтанаттуу той болуп, Сайранга Мекен толгон күн* (Нуркамал).

САЛУУ I: **оозунун салуусу бар** — тамак-ашка туш келген, даам буюрган кишилерге карата айтылуучу сөз. *Бакас дос, оозуңдун салуусу бар экен ээ* (Бейшеналиев).

САЛУУ II **сал** этишинин кыймыл атоочу.

САЛФЕТКА *зат.* Тамак жегенде ооздү сүртүү үчүн кездемеден же кагаздан жасалган кичинекей майлык.

САЛЫК I *зат.* 1. Бийлөөчү таптын өкүлдөрүнө эл тарабынан берилген мил-

деттүү чыгым, налог. *Кечээ түшкөн Азимкан Салыгын кандай салчу эле?* (Токтогул). *Төлөй албай салыктарын Жашыганбыз кургундан* (Аалы).

2. Ар кандай буюм-теримдин, мүлктүн катып же бир жакка салып коюуга ылайыкталган таңгагы, катып же бир жакка салып коюла турган буюм-терим, мүлк. *Бай салык салса, кедей чарык салат* (макал). *Канча төөгө жүк артып, Көрүнбөс салык үп артып* («Олжобай менен Кишимжан»).

САЛЫК II *сын.* Саландап түшүп турган, ылдый түшүп турган. *Карды салык. Салык жүктө. Ийни салык, өзү зор* («Сейтек»).

◆ **Кабагы салык** — кабагы бүркөө, капалуу.

САЛЫМ *зат.* 1. Бир нерсени өнүктүрүү, көбөйтүү үчүн болгон кошумча. *Илимге жасалган чоң салым.*

2. Эттин бир жолу сала тургандай өлчөмү, бир салынгыдай өлчөм. *Бир салым эт. Бир-эки салымдай эт ала кел.*

САЛЫН сал этишинин өздүк мамилеси.

САЛЫНДЫ салбар менен бирдей.

САЛЫШ сал этишинин кош мамилеси.

САЛЫШТЫР *этиш.* 1. Эки нерсенин ортосундагы айырмаларын, мүнөздүү белгилерин, кайсынысы кандай экенин ж. б. аныктоо, көрсетүү. *Тумшуктун тескей бети наркы күңгөйүнө салыштырганда таптакыр жаңы жер* (Сыдыкбеков).

2. Жарыштырып сынап көрүү (мис., жоргону). *Маектешип межирелер сүйлөшүп, Кээде жорго салыштыра кетебиз* (Аалы).

САЛЫШТЫРМА *сын.* Салыштырууга негизделген, салыштырыла турган. *Салыштырма метод. Салыштырма грамматика.*

САЛЫШТЫРУУ салыштыр этишинин кыймыл атоочу.

САЛЫШТЫРЫЛ салыштыр этишинин туюк мамилеси.

САЛЮТ *зат.* 1.Мылтыктан, артиллериядан ок чыгаруу, ракета атуу же желекти түшүрүү, көтөрүү ж. б. аркылуу берилген аскердик куттуктоо салтанаты же бирөөнү урматтагандыкты ушундай жолдор менен билдирүү. *Салют берип Москва, Кубанычын билдирет* (Нуркамал). *Жер жарып күркүрөгөн салют шаңын Элимдин кубаты деп сезди каным* (Абдыраманов).

2. Колду чекесинен өйдөрөөк тик көтөрүү менен берилген пионердик куттуктоо.

САМА *этиш.* Абдан каалоо, эңсөө, тилөө. *Самаган кыргыз элимди Сагынам көзүм төрт болуп* (Токтогул). *Самаган ойго тез жеткен, Замандын гүлү бөбөк сен* (Нуркамал).

САМАН *зат.* 1. Дан эгиндеринин данын алгандан кийинки калган кургак сабагы. *Сапырган эгин үйүлсүн, Саман-топон жыйылсын* (Осмонкул).

2. *өт.* Абдан көп, мол. *Акча деген саман.*

САМАНКАНА *зат.* Чөп, саман сактоочу сарай. *Чейрекерлер бүткүл үйбүлөлөрү менен байлардын атканасынан, саманканасынан.. чыкпай кечээли-кечке иштешет* (Абдукаримов).

САМАТ сама этишинин аркылуу мамилеси.

САМОВАР *зат.* Оту ичине жагылып, чайлык суу кайнатыла турган идиш. *Самовардагы чайы кайнап, чайканалар да ачылды* (Жантөшев).

САМОВАРЧЫ *зат.* Чайханада самоварларды кайнатып, элге чай берүүчү адам.

САМОГОН *зат.* Колдо тартылган арак.

САМОДЕРЖАВИЕ *зат.* Монархтын чектелбеген жеке бийлиги жана мамлекеттин ушундай бийликке негизделген башкаруу системасы. *Падышалык самодержавиени кулатуу.*

САМОЛЁТ *зат.* Кыймылдаткычтын жардамы аркылуу абада учуучу, канаттары бар аппарат. *Пассажир самолёту. Реактивдик самолёт.*

САМОО сама этишинин кыймыл атоочу.

САМООР самовар менен бирдей.

САМООРЧУ самоварчы менен бирдей.

САМОСВАЛ *зат.* Жүгүн механизмдин жардамы менен өзү көңтөрүп түшүрүүчү автомобиль.

САМСА *зат.* Камырдын ичине эт, пияз салып, дандырга бышыра турган тамак.

САМСААЛА *этиш.* 1. Салбырап, саландап ылдый түшүп туруу. *Эки өрүм кара чачы көлөкөдө өскөн кайыңдын шагындай самсаалап, толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). *Кара булут самсаалап, батыш, чыгыш түнөрдү* (Сыдыкбеков).

2. Дал-дал болуп жыртылуу, эскирүү. *Кийимдери самсаалаган, ач, арыктап жүдөгөн* (Сасыкбаев).

САМСААЛАТ самсаала этишинин аркылуу мамилеси.

САМСААЛОО самсаала этишинин кыймыл атоочу.

САМСЫ *этиш.* Тынымсыз чубашуу. *Ушу жолдон самсып эле киши үзүлбөйт. Аркасында самсып көп эл бара жатты.*

САМСЫТ самсы этишинин аркылуу мамилеси.

САМТЫР *сын.* Жыртылган, тытылган, тамтыгы жок. *Үстү-башы самтыр.*

САМТЫРА *этиш.* Тамтыгы кетип тытылуу, жыртылуу. *Үстүндөгү кийгени Үшүрү жок самтырап* (Токтогул). *Асан карыянын үйүнүн.. үзүк, туурдуктары түлөгөн төбөнүн жүнүндөй самтырайт* (Аалы).

САМТЫРАТ самтыра этишинин аркылуу мамилеси.

САМТЫРОО самтыра этишинин кыймыл атоочу.

САМЫН *зат.* Кирди жуун чыгаруу үчүн колдонулуучу май жана жегич щелочтордон жасалган катуу же суюк масса. *Кир самын. Бет жууй турган самын.*

◆ **Самын таш** — суу жылмалап кеткен тайгалак таш. **Самын чөп** — сууга өзгенде көбүрүүчү чөптүн түрү.

САМЫНДА *этиш.* Самын сүртүү, самын сүйкөө. *Таза жуган самындап, Кирдей кылды эркиндик* (Тоголок Молдо).

САМЫНДОО **самында** этишинин кыймыл атоочу.

САМЫНЧЫ *зат.* Самын өндүрүшүндө иштөөчү киши.

САН I *зат.* Буттун жамбаштан тизеге чейинки бөлүгү. *Буттарың буура санындай, Мурдагы жаштык барында, Булкушар балбан табылбай* (Токтогул). [*Адылдын*] *бели көтөрүлбөй, эки жоон сандын териси тыз-тыз ооруду* (Сыдыкбеков).

◆ **Куурай сан** — арык, илмийген, ичке. *Кумурска бел, куурай сан.* **Санын чабуу** — бир нерсеге аябай өкүнүп калуу, кейүү. *Итике санын чаап, кейиген кишисинди* (Убукеев). — *О, кокуй, десе! — деди Тойчубек санын чаап* (Баялинов). **Алты саны аман-эсен** — колу-буту чолок эмес, дени сак.

САН II *зат.* 1. Эсеп ишин жүргүзүүгө, бир нерсенин эсебин, канча экенин көрсөтүүгө колдонулган түшүнүк. *Бүтүн сан. Так сан. Жуп сан. Бөлчөктүк сан.*

2. Газета, журналдын улам чыгып турган белгилүү кезеги, номерлери.

3. *грам.* Көптүктү же жекеликти билдирүүчү морфологиялык каражаттар менен берилген грамматикалык категория. *Жекелик сан. Көптүк сан.*

4. Өтө көп, эсеп жеткис. *Алдына сан жылкыны айдаган кең далы, узун бойлуу жылкычы* («Жаш ленинчи»). *Сан гүлдөн башы адашты* (Сыдыкбеков).

◆ **Сан атооч** —заттардын санын, иретин көрсөтүүчү сөз түркүмү. **Миң сан** — өтө көп, эсеп жеткис. *Баш кошуп миң сан кедей артель болду, Турмуштар өзгөрүлүп, көп оңолду* (Элебаев). *Заңгырап катар-катар миң сан үйлөр Салынган ар жеринде эчен-эчен* (Нуркамал). **Сан жеткис** — өтө көп, эсеп жеткис. *Арсак тоолор көктү көздөй чалкалап, сан жеткис жылдыздар жымыңдайт* (Сасыкбаев). *Көз жетпеген өрдөштө Сан жетпеген мал жатат* (Осмонов). **Сайда саны, кумда изи жок**—дайыны чыкпай жоголгон, дареги билинбей кеткен, дарексиз.

САН III: сан-сан болуу — бөлөк-бөлөк болуп жыртылуу же тигишинен сөгүлүп кетүү. *Көк дүрүйө көйнөгү, Сан-сан болуп бөлүнүп* («Эр Төштүк»).

САН IV *зат.* Барк, атак-даңк. *Кейитермин жаныңды, кетирермин саныңды.*

САНА I *этиш.* Эсептөө, бир нерсенин эсебин чыгаруу; сандарды көбөйүү жагын көздөй катары менен атоо. *Мал сана. Акча сана. Оңго чейин сана. Жүзгө чейин сана.*

САНА II *этиш.* 1. Ойлоо, ниет кылуу. *Жетилсин деп жардыны Санабадык, беш каман* (Токтогул). *Уйпалаган кедейди, Убалы бар деп санабай* (Тоголок Молдо).

2. Эстөө, эсине алып кусалануу, сагынуу. *Жүрөгү сыздап токтонбой, Ошо Канышайды санаса* («Курманбек»). *Төрт баландай Шайымбет, Жалгызын санап дегдеди* («Эр Табылды»). *Жалдыратам көзүмдү Жатсам, турсам көп санап* (Токтогул).

3. Эсептөө. *Көркөм сөздү ок катары карайбыз, Күчтүү сөздү мыктуу курал санайбыз* (Турусбеков).

◆ **Ак саноо** — бирөөгө жакшылык ойлоо, жакшы ойдо, ак ниетте болуу. **Арам саноо** — жаман ойдо болуу, шектенүү. **Жокко саноо** — жокко эсептөө, жок болгон катары ойлоо. **Кам санабоо** *к.* **кам I. Кара саноо** *к.* **кара III. Коон саноо** — шектенүү, күнөм кылуу, шек саноо.

САНАА *зат.* 1. Ой, тилек, пикир. *Коммунисттик партия адамзаттын эзелтен берки санаасын иш жүзүнө ашырды* («Советтик Кыргызстан»). *Жакшы адамдын санаасы Жамандыкка бурулбайт* (Токтогул).

2. Капа, кайгы, убайым. *Таза жүрөк каныңды Санаа, дартка жуудуңбу?* (Токтогул).

САНААДАР *сын.* Санаалуу, кайгылуу, капалуу, убайымдуу, ойлуу. *Салам бердим сагынып, Санаадар жүрөм жабыгып* (Токтогул).

САНААЛАШ *сын.* Пикирдеш, сырдаш; ой-санаасы бирге, ой-тилеги бир. *Санаалаш тандап жолго алгын: Эми сапарың болсун, аттангын!* («Манас»). *Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш, Кыргызстан ыр калаасы, ыракаттын бешиги* (Осмонов).

САНААЛУУ *сын.* Кайгылуу, капалуу, санаа тарткан абалда. *Суктанган жандай тигилип көккө, Санаалуу жатып уктады көптө* (Абдыраманов).

САНААРКА *этиш.* Санаа тартуу, санаага түшүү.

САНААРКАТ **санаарка** этишинин аркылуу мамилеси.

САНАК *зат.* Эсеп (көбүнчө малдын эсеби). *Кой санак. Санактан өткөрүү.*

САНАКЧЫ *зат.* Санак жүргүзүүчү, учётчик.

САНАЛ **сана** этишинин туюк мамилеси.

САНАТ I *зат.* 1. Үлгү болорлук, сабак болорлук насыят сөз. *Улуу адамдардын санат сөздөрү. Жыйындын ортосунда мени баалап, Ыр менен нечен түркүн айтты санат* (Барпы).

2. *ад.* Рифмаланган бир нече афоризмден турган үлгү, насыят маанисинде айтылган ыр.

3. Шаани, шаан-шөкөт. *Кан Көкөтөй ашынан Артык кылам санатын* («Манас»).

4. Жаза, бирөөгө көрсөтөр кордук. *Кылбаган санатты кылдыңар. Сага көрсөтөр санат башка эле, тарткылыгың жок экен* («Чалкан»).

САНАТ II *зат.* Эсеп, бир нерсенин жалпы саны; санак. *Айылынын санаты Алты миң түтүн жаны бар* («Эр Төштүк»). *Аманы канча калды деп, Санатын менден сурадың* (Токтогул). *Малды санаттан өткөрүү.*

САНАТ III **сана** этишинин аркылуу мамилеси.

САНАТОРИЙ *зат.* Дарылоо жана дем алуу үчүн уюштурулган атайын мекеме. *Туберкулёздук санаторий. Жамалбек өткөн жылы Чолпон-Ата санаторийине барып келген* (Каимов).

САНАТОРИЯ **санаторий** менен бирдей.

САНАШ сана этишинин кош мамилеси.

САНДА *этиш.* Көп санда болуу, көп болуу. *Сандап жаткан сан кара, Дүнүйөм жолдош болдубу?* («Эр Төштүк»). *Колоттон сандап суу жүрүп, Жайкы мезгил болгондо* («Сейтек»). *Сандаган калың эл.*

САНДАЛ I *зат.* Ичине чок салып, үстүнө жууркан менен кымтылай жабылган жапыз стол коюп, анын астына бутту салып, тегерете жылынып отура турган бөлмө ичиндеги очок.

САНДАЛ II *зат.* Көбүнчө такасыз тигилген жеңил, жайкы бут кийим.

САНДАЛ III *зат. диал.* Замбил.

САНДАЛ IV *этиш.* Тентирөө, курулай убара тартуу. *Сандалып бекер жүрүү. Жөө бастым сандалып, Ат жетпеген жолуна* (Токтогул).

САНДАЛУУ сандал этишинин кыймыл атоочу.

САНДАЛТ сандал этишинин аркылуу мамилеси.

САНДЫК *зат.* Кийим-кече, буюм салууга ылайыкталып, көбүнчө кооздолуп жасалган, кулпуланып бекитме үкөк, ящик. [*Динар*] *орундукту ташта, төрдөгү килемче жабылган чоң сандыкка чалкалап олтурду* (Сыдыкбеков). *Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар* (макал).

САНДЫРАҚ *сын.* Баш-аягы жок, түшүнүксүз, дайынсыз; келжирек, тантырак. *Сандырак кеп. Кеп билбеген сандырак.*

САНДЫРАКТА *этиш.* 1. Алы, күчү кетип, жыгылчудай болуп темтеңдеп басуу. *Сандырактап баса албай калуу. Шайым ооп, сандырактап карыш жерге баса албадым* («Ала-Тоо»). *Бүркөлүп Мүзүретбек сандырактап, Отурду чатырчадан алыс-оолак* (Абдыраманов).

2. Дайынсыз, баш-аягы жок сүйлөй берүү, келжирөө, тантыроо. *Оозуна келгенин сандырактай берет. Сандырактабай отур.*

САНДЫРАКТАТ сандыракта этишинин аркылуу мамилеси.

САНДЫРАКТОО сандыракта этишинин кыймыл атоочу.

САНЖЫРА *зат.* Уруулук бөлүнүш жана уруулар тарыхы жөнүндө айтылган улама сөздөр.

САНЖЫРАЧЫ *зат.* Санжыра айтуучу.

САНЖЫРГА *зат.* 1. *зс.* Көчкөндө көч жүктөлгөн унааларга жасалуучу жасалга.

2. Кыраан куштун бутуна тагылуучу боо.

3. **санжыра** менен бирдей.

САНЖЫРГАЛУУ *сын.* 1. Санжыргасы бар, кооздолгон. *Санжыргалуу көч. Санжыргалуу унаа.*

2. Бутуна санжырга боо тагылган (кыраан куш жөнүндө).

3. Мансаптуу, беделдүү, кадыр-барктуу. *Санжыргалуу Канчоро* («Сейтек»). *Санжыргалуу селкилер* (Маликов).

САНИТАР *зат.* Ооруларды тейлөөчү жана ооркана тазалыгын сактоочу кенже медициналык кызматчы. *Чакырып Кубат тездеп санитарды, Тапшырды жандай сүйгөн командирин* (Үмөталиев).

САНИТАРИЯ *зат.* Коомдук тазалыкты, гигиенаны, коомдун саламаттыгын сактоо максатын көздөгөн ар кандай чаралардын, иштердин жалпы системасы

САНКЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир актыны юридикалык күчкө ээ кылыш үчүн жогорку инстанция тарабынан бекитүү иши.

САНОО сана этишинин кыймыл атоочу.

САНСЫ *этиш.* Өтө көп санда болуу, көбөйүп кетүү. *Сансыган кой. Күн батыш жагы Ымалай, Сансып келген көп кашун Саңыроонун сазынан* («Манас»).

САНСЫЗ *сын.* Эсеп жеткис, сан жеткис көп. *Калың дүйнө сансыз мал, Көкөтөйгө сайды деп, Жолой үгуп калыптыр* («Эр Төштүк»).

САНТИМЕТР *зат.* 1. Метрдин жүздөн бир бөлүгүнө туура келген узундук чен.

2. Бетине ушундай чен бөлүктөрү түшүрүлгөн жана узундукту, бийиктикти ченөө үчүн колдонулуучу линейка, лента.

САҢООР *зат.* Куштардын сан жагына, куйругунун астына (көчүк жагына) чыккан үлпүлдөк, назик жүнү. *Пейли жакшы эң жумшак, Шумкардын саңоор жүнүндөй.*

САҢСА *зат.* Кызылча отоо, суюлтуу үчүн колдонула турган калак.

САҢСАҢ *зат.* Көрпөдөн өтүп кеткен күрпөң козунун териси. *Саңсаң жакалуу ичик. Кара саңсаң көлдөлөң.*

САП I *зат.* Бычак, балта, күрөк сыятуу куралдардын туткасы. *Жоголгон бычактын сабы алтын* (макал). *Балтанын сабы. Камчынын сабы.*

САП II *зат.* Катар, кырка тизмек, бир нерсенин кырка катары. *Жапар.. сапка тизилип турган балдарга бастырып келди* (Баялинов). *Кызылча сап куып отолот* («Жаш ленинчи»). *Ыр саптары.*

САПАР *зат.* Жол, саякат. *Алыска сапар жол жүрсөң Асемдүү жолго ат жакшы* (Тоголок Молдо). [*Чоро*] *Сапарынын узактыгын ойлоп, жол азык алмак болду* (Каимов).

◆ **Келбес сапарга кетүү** — өлүү, дүйнөдөн кайтуу. **Сапар тартуу** *же* **сапар чегүү** — жолго чыгуу, жол жүрүү. **Ушул сапар** *же* **бул сапар** — ушул жолу, ушул ирет. *Бирок бул сапар [Жапар] чыдап тура алган жок* (Баялинов). **Сапары каруу** — бара турган жериңе жакындоо, жетүү.

САПАРЛА *этиш.* Жолго чыгуу, жолоочулоо. *Эсепсиз алыс сапарлап, Көп жыл тынбай жол бастым* (Элебаев).

САПАТ *зат.* Бир нерсенин жакшы жагын, артыкчылыгын, керектүүлүгүн, коюлган талапка жооп бере ала тургандыгын көрсеткөн касиет. *Продукцияның сапатын жакшыртуу. Сапат үчүн күрөш. Эң жакшы сапатта иштөөчү бригада. Жеңилдик биздин кишилердин сапаты эмес* (Сыдыкбеков).

САПАТСЫЗ *сын.* Сапаттуу эмес, начар.

САПАТСЫЗДЫК *зат.* Сапаты жоктук, начарлык, сапаттуу боло албагандык.

САПАТТУУ *сын.* Сапаты жакшы, мыкты.

САПАТТУУЛУК *зат.* Сапаты жакшы же сапаты жогору болгондук, сапаттуу экендик. *Жогорку сапаттуулук. Сапаттуулук үчүн күрөшүү.*

САПЕР *зат. сог.* Инженердик войсколордун, согуштук курулуш иштери боюнча бөлүктөрдүн кызматкери.

САПСАЙ *этиш.* Апсаюу, апсайган көрүнүштө болуу. *Сакал басып сапсайып Өткөрдүкпү жаштыкты* (Токтогул).

САПСАЙТ **сапсай** этишинин аркылуу мамилеси.

САПСАҢДА *этиш.* Апсаңда, апсаңдаган көрүнүштө болуу.

САПСАҢДАТ **сапсаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

САПСАЮУ **сапсай** этишинин кыймыл атоочу.

САПТА *этиш.* Куралга (мис., балтага, кетменге ж. б.) сап жасап аштоо, саптуу кылуу.

2. Ийнеге, теменеге учук киргизүү, учуктоо.

САПТАТ **сапта** этишинин аркылуу мамилеси.

САПТОО **сапта** этишинин кыймыл атоочу.

САПТУУ *сын.* Сабы бар, сапталган. *Саптуу кетмен. Мүйүз саптуу бычак.*

САПЫР *этиш.* 1. Суюк нерсени суутуу же аралаштыруу үчүн сузуп алып кайра чубуртуп куюп туруу. *Кымызды сапыр. Сорпону сапыр.*

2. Желге салып данды топон-чардан тазалоо. *Айдат, айдат, айдат шамал сок ылдам, Айдат шамал, кызыл буудай сапырам* (Осмонов). *Асманга шилтеп кызылын Абамдар кырман сапырды* (Мидин).

3. Чачуу, тозоңдотуу, чаңдатуу. *Үй ичин үч сапырып чатакты баштады го* (Сыдыкбеков). *Чаңды көккө сапырып, Ат коюп кирди жапырып* (Үмөталиев). *Ызылдаган шамал жүрүп, Калың карды сапырат* (Осмонкул).

4. *өт.* Ысырап кылып жоготуу, коротуу, курутуу. *Атадан калган бар малын сапырып чачып жоготкон* (Тоголок Молдо).

◆ **Күлүн көккө сапыруу** *к.* **көк I.**

САПЫРГЫЧ *зат.* Эгин сапыруучу машина. *Келип сапыргычка удаа-удаа учтөрт чака топондуу буудай салды* (Баялинов).

САПЫРТ **сапыр** этишинин аркылуу мамилеси.

САПЫРУУ **сапыр** этишинин кыймыл атоочу.

САПЫРЫК *этиш.* Эгин сапыруу иши. *Сапырыкта иштөө.*

САПЫРЫЛ **сапыр** этишинин туюк мамилеси.

САПЫРЫШ **сапыр** этишинин кош мамилеси.

САРА *сын.* Тандалган, мыкты, эң жогорку. *Ала-Тоонун арасы Жалпы жердин сарасы* (Тоголок Молдо). *Эрдигинин чеги жок Кырк чоронун сарасы* («Семетей»).

САРАЙ *зат.* 1. Падыша жана анын жакындары туруучу ордо, дворец. *Падышанын сарайы. Кандын сарайы. Каныкейдин ак сарай, Каалга темир сом калай* («Манас»).

2. *эс.* Кербендер, жүргүнчүлөр эс алып түнөп, тыныгуу үчүн токтоочу жер. *Кербен сарай, эски дубал уранды, Ичке булак ар жагында безилдейт* (Аалы).

3. Малга, айыл чарба шаймандары үчүн салынган курулуш. *Ат сарай. Үй сарай. Кампада да, сарайда да өчпөс шамдар жанат* (Сыдыкбеков).

САРАЙЧА *зат.* Кичинекей сарай. *Таштанбек чал сарайчасынын алдына барып жыгач тандады* (Убукеев).

САРАЙЧЫ *зат.* Кербендер токтоочу жердин ээси.

САРАМЖАЛ *зат.* 1. Жабдуулар, шаймандар; курал-жабдык. *Сарамжалын шайлашып, Орок, чалгы кайрашып, Чөлгө көчүп кетишет* (Тоголок Молдо).

2. Камкордук, тиричилик түйшүктөрү. *Жез оймок аял өзү эле, Сарамжал менен үй кармап* (Тоголок Молдо). *Тышкы сарамжалдары бүткөндөн кийин үйгө кирип, белен тамакка отурушту* (Убукеев).

САРАМЖАЛДУУ *сын.* Сарамжалы бар, камылгалуу, ишине тыкан, жыйнак, камбыл. *Сарамжалдуу жигитке Жандын баары таң калат* (Тоголок Молдо). *Шопок өзүнө тыңч, сарамжалдуу, оокатка чыйрак, эмгекке камбыл киши болчу* (Бөкөнбаев).

САРАМЖАЛДУУЛУК *зат.* Сарамжалы барлык, камылгалуулук; ишке тыкандык, жыйнактык. *Оокат-тиричиликке сарамжалдуулугу бар адам.*

САРАҢ *сын.* Зыкым, дүйөөгө кароо, колунан эч нерсе чыкпаган. *Айылдаш экен сараң бай, Алыс экен Алаңбай* («Эр Төштүк»). *Кабагын түйгөн сараңдын Үйүнө барып жатпагын* (Осмонкул).

◆ **Сөзгө сараң** *же* **кепке сараң** — көп сүйлөбөгөн, кепке жок. *Кепке сараң, кеңешке жок* (Сыдыкбеков).

САРАҢДАН *этиш.* Сараңдык кылуу, зыкымдануу.

САРАҢДАНУУ **сараңдан** этишинин кыймыл атоочу.

САРАҢДЫК *зат.* Зыкымдык, сараң экендик, март эместик. *Атакебиз Элеман Малга кароо бай экен, Сараңдыгы атамдын Адамдан өзгө бар экен* («Эр Төштүк»). *Сараңдыгы бийкечтин Эсимден кетпейт тирүүмдө* (Тоголок Молдо).

САРАП *зат. диал.* Үстүнө устун же чабактын баштары илингидей кылып дубалдын ички кырына узатасынан коюлган жоон жыгач.

САРАТАН I *зат.* Какшыма ысык, жайкы ысык убак. *Жайдын саратан күнү* (Сасыкбаев). *Салкындын тиет пайдасы Саратан ысык жай менен* (Токтогул).

САРАТАН II *зат.* Май айында чыгуучу коңуздун бир түрү. *Саратан сайрайт, күн кайнайт, Керимсел толкуп жел айдайт* (Бөкөнбаев).

САРАФАН *зат.* Аялдардын жеңсиз көйнөгү.

САРГАР *этиш.* 1. Сары түскө айлануу, саргыч тартуу. *Бак-дарактардын жалбыректары саргарып, биринден түшө баштады* (Абдукаримов). *Коноктор бышып саргарып, Орот деп качан жарда-*

нып, Бойго жетип турганда Чымчыктар келет чийне алып (Осмонов).

2. Убайым, санаа тартып зарыгуу, өңдөн азуу, сорудан ирең саргыч тартып көрүнүү. *Саргарып тамдын түбүндө Сагындым эле элимди* (Токтогул). *Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң* (макал).

САРГАРТ I *зат.* Сарыбашылдап бетке жана башка чыгуучу жара (көбүнчө балага). *Бетине саргарт түшүптүр.*

САРГАРТ II саргар этишинин аркылуу мамилеси.

САРГАРУУ саргар этишинин кыймыл атоочу.

САРГЫЧ *сын.* Анчалык сары эмес, суюк сары түс. *Саргыч түс. Саргыч түстүү жоолук.*

САРЖА *зат.* Кийимге ич кылууга колдонулуучу тыгыз согулган бир жүздүү жибек кездеме.

САРЖАН *зат.* 1. *эск.* 2, 134 метрге барабар узундук чени. *Үйлөрдүн аралыгы он саржандан* (Жантөшев).

2. Жерди, аралыкты ченөө үчүн колдонула турган 2 метр өлчөмүндөгү курал.

САРЖАНДА *этиш.* Саржан салып ченөө.

САРЖАНДОО саржанда этишинин кыймыл атоочу.

САРКЫНДЫ *зат.* 1. Суюк нерсени идиштен куюп алгандан же төгүп салгандан кийинки калдыгы.

2. *өт.* Өткөндүн, эскинин калдыгы. *Эски коомдун саркындыларынын бири болуп дин саналат* («Коммунист»). *Эмгектеги даңкыбыз Ааламга кетти аралап, Саркындыны сүзөбүз, Арабыздан тазалап* («Чалкан»).

САРМЕРДЕН *зат.* Көңүл ачуу үчүн жыйында (жородо, тойдо) кезектешип ырдай турган күйгөн ырлар. *Жигити дуулап жыргаган, Сармерденин ырдаган* (Тоголок Молдо). *Болуптур, сармерденди.. өзүм баштайм* (Сыдыкбеков).

САРНА *туурасы*: **зарна.**

САРПАЙ *зат.* Үйлөнүү тоюнда кудаларга, сөөк-тамырга кийгизе турган кийимкече. *Тойго келген кудаларга сарпай кийгизишти.*

САРЫ *сын.* Күн караманын гүлү, ышкын түп, алтын түстөнгөн өң, түс. *Сары көйнөк. Сары коон. Сабиздей сары түс.*

◆ **Узун сары** — жазгы үзүмчүлүк убак. *Узун сарыга сакта.* **Сары барпы** — өңү сары ала келген чымчык. **Ак сары** — жырткыч куштун бири. **Жаман сары** — жырткыч куштун бири. **Сары суу** — 1) чыла; 2) сөөктүн ашташкан жеринде уюп калган саргыч нерсе. *Муунду сары суу алып, Бурулуп кызыл өң азган* (Токтогул).

САРЫГУУ сарык этишинин кыймыл атоочу.

САРЫГЫР *зат.* Чабылган чөптүн же эгиндин үймөгү. *Үйүп койгон сарыгыр чөптөр.*

САРЫГЫРЛА *этиш.* Чөп же орулган эгинди үймөктөө, сарыгыр кылып жыюу.

САРЫК I *зат.* Денени саргайтып жиберүүчү жугуштуу боор оорусу.

САРЫК II *этиш.* Сызылып тамчылоо, кичинеден агуу (суюктуктун толук агып же соолуп бүтө элек калдыгына карата).

САРЫКТЫР сарык этишинин аркылуу мамилеси.

САРЫМСАК *зат.* 1. Сасык пияз сыяктуу желе турган жапайы өсүмдүк. *Салкындап суусун ичкемин Сарымсак терген жылганын* (Бөкөнбаев).

2. Сасык пияз, чеснок.

САРЫП: сарып кылуу — бир нерсеге керек кылуу, расходдоо, жумшо. *Санказына, түмөн мал, Сарып кылып чачтырып* («Эр Төштүк»).

САСУУ сасы этишинин кыймыл атоочу.

САСЫ *этиш.* Сасык жыттануу, буруксуган жаман жыт чыгаруу, борсуу.

САСЫК *сын.* Сасыган, борсуган, жаман жыттанган. *Сасык жыт. Суурдун этин сасык деп жийиркенет, Аюу кекилик издейт темселеп* (Шүкүрбеков).

САСЫТ сасы этишинин аркылуу мамилеси.

САСЫТКЫ *зат.* 1. Тоок басканда балапан чыкпай калган, бузулган жумуртка.

2. *өт.* Жаман, начар. *Сейнеп уялаш эмес эле, убалыма жаралган сасыткы экен* (Бейшеналиев).

САТ *этиш.* 1. Сатылуучу нерсени акчага же баасына туура келген башка нерсенин ордуна берүү. *Калаага бир иш менен шашып бардык, Кайтарда көп таза пул сатып алдык* (Осмонов). *Эки койго сатып жиберген ээриме ичим күйөт* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Чыккынчылык кылуу. *Душманыңа алданып, Элиңдин сырын сатпагын* (Токтогул). *Күлтебер жанын калкалап, Элимди жоого саткандар* («Мендирман»).

◆ **Алып сатар** — кызыл кулак, чайкоочу, бир нерсени арзанга алып, кымбатка сатуучу адам. **Атын сатуу** *к.* **ат II. Көзүн сатуу** — үмүттөнүп, зарылып кароо, бирөөгө зарылуу, үмүткөр болуу.

САТИН *зат.* Чыттан бышык жана калыңыраак, өң жагы жылтылдагыраак келген кездеме. *Сатин көйнөк. Сатинден капталган жууркан.*

САТИРА *зат. ад.* Турмуштагы терс көрүнүштөрдү шылдыңдап, какшыктоо формасы менен ашкерелөөчү адабий чыгарма. *Кыргыз адабиятынын жаңы жана тез өсүп жаткан жанрларынын бири сатира болуп эсептелет* («Коммунист»).

САТИРАЛЫК *сын.* Сатирага таандык. *Сатиралык чыгарма. Сатиралык журнал.*

САТИРИК *зат.* Сатира жазгыч, сатира жагына шыктуу жазуучу.

САТТЫР сат этишинин аркылуу мамилеси.

САТУУ сат этишинин кыймыл атоочу.

САТУУЧУ *зат.* Магазинде, соода мекемесинде товар сатып туруучу соода кызматкери.

САТЫК *зат.* Сатуу, соодалоо иши. *Сатыкка сал. Сатык бозо.*

САТЫЛ сат этишинин туюк мамилеси.

САТЫШ сат этишинин кош мамилеси.

САХНА *зат.* Театрдын, клубдун оюн коюлуучу аянтчасы. *Сахнада ырдап жана бийлеп жаткан кара көз жигиттер менен кыздар .*

САХНАЛАШТЫР *этиш.* Адабий чыгарманы сахнада коюуга, көрсөтүүгө ылайыктап иштеп чыгуу.

САХНАЛАШТЫРУУ **сахналаштыр** этишинин кыймыл атоочу.

САХНАЛЫК *сын.* Сахнага таандык. *Сахналык чыгармалар.*

САЮУ сай этишинин кыймыл атоочу.

САЯ I *зат.* 1. Көлөкө. *Арчанын саясы жок, шак болбосо, Булбул куш кайда сайрайт, бак болбосо* (Барпы). *Дарагың мөмө берди, салкын сая* (Аалы).

2. *өт.* Тирек, медер. *Силер го таянганым, менин саям* (Аалы).

САЯ II: артынан сая түшүү — артынан калбай такымдап кубалоо; артынан калбоо.

САЯ ІҢ зая менен бирдей.

САЯБАН *зат.* 1. Жаан-чачындан, күндөн сактануу үчүн арабанын үстүнө орнотулган чатыр. *Саябан араба чоң көчө менен жайбаракат жүрүп отурат* (Жантөшев).

2. Көлөкө. *Айчыгы алтын саябан, Чынарым ажан бар бекен* («Курманбек»).

САЯБАНДУУ *сын.* 1. Саябан орнотулган, саябаны бар. *Саябандуу арабаларга чегилген аттар ылаалап турушат* (Жантөшев).

2. Көлөкөлүү. *Дүпүйгөн мырза теректердин карааны суюлуп, саябандуу касиетинен кеткен* («Советтик Кыргызстан»).

САЯҚАТ *зат.* Алыска, алыс сапарга жүрүш, кыдырыш.

САЯҚАТТА *этиш.* Саякатка чыгуу, саякатчылык кылуу.

САЯҚАТТОО **саякатта** этишинин кыймыл атоочу.

САЯҚАТЧЫ *зат.* Саякатта жүргөн адам. *Ала-Тоо сырын изилдөөгө чыгышкан илимий саякатчылар* (Сыдыкбеков).

САЯПКЕР *зат.* Күлүктү таптаган адам. *Күндө чыккан күлүккө Саяпкер алган тер кызык* (Токтогул).

САЯСАТ *зат.* 1. Башкаруу ишинде жана эл аралык мамилелерде мамлекеттик бийликтин, партиянын же айрым коомдук төптун өзүнүн таптык максатына, таламдарына ылайык жүргүзгөн иши. *Тышкы саясат. Ички саясат. Тынчтык саясаты.*

2. Белгилүү бир максат үчүн жүргүзүлгөн аракеттин түрү. *Сенин кандай саясат жүргүзүп, кантип менин көзүмө чөп салайын деп жүрүшүңдү түшүндүм* («Чалкан»).

САЯСАТТУУ *сын.* Саясат аралашкан, саясатка байланыштуу.

САЯСАТЧЫЛ *сын.* 1. Саясий ишке шыктуу; саясий ишмерлиги бар.

2. Белгилүү бир максатка ылайык саясат жүргүзө билген, саясат жүргүзүүгө шыктуу.

САЯСИЙ *сын.* Саясатка таандык. *Саясий окуу. Саясий маселелер. Саясий иштер.*

◆ **Саясий экономия** — коомдук өндүрүштүн жана коомдун материалдык байлыктарын бөлүштүрүүнүн закондорун үйрөтүүчү илим.

САЯТЧЫ *зат.* Кыраан куштарга тор жайып кармоочу адам. *Саятчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул).

СВЕТОФОР *зат.* Көчөдө, жолдо жүрүүнү тартипке салуу үчүн ар кандай түстө жарык кылуучу сигналдык электр фонары; ар кандай машинага, техникалык түзүлүшкө орнотулуучу жарык менен сигнал бере турган прибор.

СВИТЕР *зат.* Алды жагы туюк болуп согулган тик жакалуу жылуу фуфайка.

СВОДКА *зат.* Кандайдыр бир маалыматтар, кабарлар жыйналып жана топтолгон документ. *Пахта даярдоонун жүрүшү жөнүндө сводка. Айдоо, себүү иштери жөнүндө сводка. Эгин тапшыруунун сводкасында биринчи болуп «Өрнөк» колхозу жазылган болучу* (Баялинов).

СЕБЕБИ *бай.* Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламта.

СЕБЕЛЕ *этиш.* Чачыратып себүү, себилүү. *Жаан себелеп жаап турат. Топурак себеледи.*

СЕБЕЛЕТ **себеле** этишинин аркылуу мамилеси.

СЕБЕЛӨӨ **себеле** этишинин кыймыл атоочу.

СЕБЕП *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсенин, окуянын, натыйжанын келип чыгыш же пайда болуш шарты. *Ышкыналаынын уктап кетишине себеп бар, кечеги түнү үйүнө конок келип, күү-күү менен таңдын атканын сезбей калган* (Байтемиров). *Мунун бардыгынын негизги себеби эмнеде?* (Каимов).

2. Түртку, жардамчы; шылтоо. *Ашырды кенде иштеттирип, өнөр жолуна салууга ошол Егор Иващев себеп болгон* (Сасыкбаев).

◆ **Эбепке-себеп болуу** — айла, даба, шыба болуу.

СЕБЕПКЕР *зат.* Себеп болуучу, болгон себеп. *Алып учкан көңүлгө Себепкер болот селкилер* (Турусбеков). *Чатакка мени себепкер табышып, эки тогуз кара айып кесишти* (Жантөшев).

СЕБЕПТҮҮ *сын.* Себеби бар, себеп болгондуктан. *Ооруган себептүү ишке чыкпай калды. Себептүү иш.*

СЕБЕПТҮҮЛҮК *зат.* Себеби болгондук, себеби бар экендик.

СЕБЕПЧИ **себепкер** менен бирдей.

СЕБЕТ *зат.* Чырпыктан согулган корзина. *Мөмө үзүшкө себетиң болсо көтөрө жүр, Мерген!* (Сыдыкбеков).

СЕБИЛ I *зат.* 1. Эпостук чыгармаларда: жарак-жабдык. *Сүмбөң кызыл табылгы, Үйрөндүң мылтык себилди* (Тоголок Молдо). *Текөөрү болот темир дейт, Серпкени өлгөн себил дейт* («Манас»).

2. Ок өтпөс, жаа тешпес кийим, чопкут. *Себил тон.*

СЕБИЛ II сеп этишинин туюк мамилеси.

СЕБИЛДҮҮ *сын.* Курал-жабдыктуу, себили бар. *Себилдүсүү сексен төрт, Серп салган жагы кызыл өрт* («Манас»).

СЕБИШ сеп этишинин кош мамилеси.

СЕБҮҮ сеп этишинин кыймыл атоочу.

СЕГИЗ *сан.* 8 саны, эсеби.

СЕГИЗИНЧИ *сан.* Сегиздин иреттик саны.

СЕДЕП *зат.* Кээ бир үлүл кабыктарынын ички катуу катмарынан алынып, топчу жана ар кандай кооз буюмдар иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу зат; ушул заттан жасалган топчу жана ар кандай кооз буюмдар. *Кызылдан кийген желеткең, Кырка таккан седептен* (Токтогул). *Көкүрөгүндө катар-катар седептер жаркырайт* (Байтемиров).

СЕЗ *этиш.* 1. Сезим органдары аркылуу бир нерсени туюу, байкоо. *Дабышты сезет. Ысык-суукты сезет.*

2. Түшүнүү, билүү, байкоо. *Мамбеткул өз айыбын сезер менен Салык досу менен жарашкысы келди* (Каимов). [*Энеси*] *Жылдызканды карап, анын түрүн байкады. Эч кандай капалыктын шегин сезген жок* (Байтемиров).

СЕЗГЕН *этиш.* Бир жери ооруп калуу, суук тийүү, кагынуу. *Кабыргасынан сезгенди.*

СЕЗГЕНДИР *этиш.* Ысык темирге суу бүркүү аркылуу сезгенип калган адамды дарымдоо.

СЕЗГЕНҮҮ сезген этишинин кыймыл атоочу.

СЕЗГИЧ *сын.* Бир нерсени тез баамдаган, тез туйгуч, сезе билгич, байкагыч. *Сезгич адам. Сезгич карыя.*

СЕЗГИЧТИК *зат.* Тез сезе билүүчүлүк, баамдагычтык.

СЕЗДИР сез этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЗИЛ сез этишинин туюк мамилеси.

СЕЗИМ *зат.* Сезүү жөндөмдүүлүгү; акыл-эс. *Билбегенди билгизген, Мээге сезим киргизген* (Аалы). *Егор Иващев аттуу жумушчунун эстүү мамилеси Мусабекке зор сезим берген* (Сасыкбаев).

СЕЗИМДҮҮ *сын.* Сезими жакшы, акыл-эстүү, зээндүү.

СЕЗОН *зат.* 1. Жылдын төрт мезгилинин бири. *Жайкы сезон. Сезонго ылайыктуу кийинүү.*

2. Белгилүү бир нерсенин, иштин жүрүп турган, аракетте болгон же жетилип турган учуру, маалы. *Сезондо жыйырма тонна пахта терип, Даңктанган теримчи кыз Шарапаткан* (Абдыраманов). *Курорттук сезон. Театрдын жаңы сезондогу оюндары.*

СЕЗҮҮ сез этишинин кыймыл атоочу.

СЕЙИЛ *зат.* 1. Сайрандоо, көңүл ачуу үчүн болгон таң-тамаша. *Сейил куруу.*

2. Эс алуу, сейилдеп басуу үчүн болгон чыгыш. *Сейилден кайткан кыз, келиндер жалгыз аяк жолдо кызыл-тазыл болуп чубап келатышат* (Сыдыкбеков). *Сейил кылып Алооке Чыккан экен багына* («Манас»).

СЕЙИЛДЕ *этиш.* Сейилдикке чыгуу; тамаша кылып, көңүл ачып басуу, эс алып жүрүү. *Бүгүн көл боюна сейилдеп келели* (Сыдыкбеков). *Чогуубуз менен сейилдеп барып электр станциясы курулуучу жерди көрөбүз* (Сыдыкбеков).

СЕЙИЛДЕТ сейилде этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЙИЛДӨӨ сейилде этишинин кыймыл атоочу.

СЕЙСМОЛОГ *зат.* Сейсмология боюнча адистиги бар адам.

СЕЙСМОЛОГИЯ - *зат.* Геология илиминин жер титирөө жагын изилдөөчү бөлүмү.

СЕЙРЕК *сын.* 1. Бирин-серин, жыш эмес. *Так ушул жер сейрек чийлүү, чаң учкан Мейкин болчу жашаңы жок, бозоргон* (Аалы). *Асмандагы сейрек булут мала кызыл нурга боёлду* (Абдумомунов).

2. Анда-санда гана учурай турган, көп кезикпеген. *Сейрек учурай турган металлдар.*

СЕЙФ *зат.* Баалуу буюмдарды, документтерди, акчаны сактоо үчүн металлдан жасалган, отко күйбөс шкаф же ящик.

СЕКЕЛЕК *зат.* 1. Кыздардын мандайына коюлган көкүл. *Он саамайым секелек, Он бешке жашым жетелек* («Эр Табылды»).

2. *өт.* Жаш кыз. *Ата-энеси Айдайды дагы эле баягыдай секелек кыз көрүшөт* (Каимов).

СЕКЕТ *сырд.* Бирөөнү эркелетүү, жалбаруу, жакшы көргөндүгүн билгизүү иретинде колдонулат. *Жакшылап тоюп ал, Динар секет* (Сыдыкбеков). *Ата журтум, туугап элим, мекеним, Жан кубатым, сүйгөн жерим секетим* (Осмонов).

СЕКЕТПАЙ *зат.* Сүйүү ырларынын бир түрү. *Селки, бозой жыйналып, Секетпай, күйгөн ырдалып* (Үмөталиев).

СЕКИ *зат.* 1. Тоонун, дөңсөөнүн тектири, бир аз тегиз жери. *Сен жашаган секидеги жапыз там Миң катарлуу алтын үйдөн жаркырак* (Осмонов). *Тетиги төмөнкү секиде бир нерсе кыбырайт* (Жантөшев).

2. Отуруу жана жатуу үчүн тактайдан, топурактан көтөрүлүп жасалган орун, жай, супа. *Чайкананын секисине толуп алышты* (Сасыкбаев).

СЕКИН *сын.* Акырын, жай. *Секин басып суу алып, Желке чачың чубалып* (Тоголок Молдо). *Мамбеткул атынан секин түшүп, Бурмага кыйкырды* (Каимов).

СЕКИР *этиш.* Эки аягын тең таштап ыргуу, ыргып түшүү, эки аягын тең таштап аттоо. *Арыктан секирип аттоо. Тамдан секирип түшүү.* [*Динар*] *алакандарын чапкылап, секире берди* (Сыдыкбеков). *Оюн салып секирсе, Бээнин көркү кулунда* («Мендирман»).

СЕКИРИК *зат.* Тез аранын ичинде болгон кескин түрдөгү өзгөрүш. *Илимден жана техникадан алга карай эң зор секирик жасоо. Секирик жасап өнүгүү.*

СЕКИРТ секир этишинин аркылуу мамилеси.

СЕКИРТМЕ *зат.* 1. Койдун оорусу. 2. Ашуунун же татаал жолдун секирип өтө турган кыйын жери. *Секиртме жерлери бар ашуу. Секиртме таштардан секиртип өтүү.*

СЕКИРТМЕЛҮҮ *сын.* Секиртмеси бар, секиртип өтө турган. *Секиртмелүү жол. Секиртмелүү жери бар, Ашуунун өтө жолу тар* (Турусбеков).

СЕКИРҮҮ секир этишинин кыймыл атоочу.

СЕКИЧЕ *зат.* 1. Кичинекей секи, тектирче. *Секичеде кыркаланган калың карагай* (Сыдыкбеков).

2. Тактайдан, топурактан көтөрүп жасалган көтөрүңкү супача. *Жакып эшигинин алдына эртели-кеч отурууга секиче жасап койгон* (Бейшеналиев).

СЕКРЕТАРИАТ *зат.* 1. Мекеменин же уюмдун уюштуруу-аткаруу иштерин жүргүзүүчү бөлүмү жана ошол бөлүмдүн кызматкерлери.

2. Жыйналышта, конференцияда ж. б. протокол иштерин жүргүзүү үчүн шайланган адамдар тобу.

СЕКРЕТАРЬ *зат.* 1. Мекеменин, уюмдун же жеке адамдын иш кагаздарын тейлөөчү киши. *Оозгу үйдөн секретарь кыз кирип келди* (Бейшеналиев).

2. Жыйналыштын протоколун жазган адам.

3. Шайлоо жолу менен дайындалуучу партиялык уюмдардын жетекчиси. *Партиялык уюмдун секретары. Райкомдун секретары.*

СЕКСЕГЕЙ *сын.* Сексейген, үрпөйгөн.

СЕКСЕЙ *этиш.* Үрпөйгөн, сербейген, иретсиз көрүнүштө болуу (чач, жүн ж. б. карата).

СЕКСЕЙТ сексей этишинин аркылуу мамилеси.

СЕКСЕЙҮҮ сексей этишинин кыймыл атоочу.

СЕКСЕН *сан.* 80 саны, эсеби.

СЕКСЕНИНЧИ *сан.* Сексендин иреттик саны.

СЕКСЕҢДЕ *этиш.* Жүүгүргөндө, тез кыймылдаганда чачы көтөрүлүп сербеңдөө, сербең-сербең этүү. *Сексеңдеп жүгүрүп келе жатат. Мындан мурун аңга-дөңгө карабай сексеңдеп алабарман жүргөн кыз эми элди байкап калды* (Байтемиров).

СЕКСЕҢДЕТ сексеңде этишинин аркылуу мамилеси.

СЕКСЕҢДӨӨ сексеңде этишинин кыймыл атоочу.

СЕКТА *зат.* Үстөмдүк кылуучу чиркөөдөн өзүнчө бөлүнүп чыккан диндик община.

СЕКТАНТ *зат.* Кандайдыр бир сектага кирген, анын диндик жөрөлгөлөрүн колдогон адам.

СЕКТОР *зат.* 1. *мат.* Жаа сызык жана эки радиус менен чектелген тегеректин бөлүгү.

2. *сог.* Радиалдык сызык менен чектелген кандайдыр бир аянттын бөлүгү, участогу. *Фронт сектору. Коргонуу сектору.*

3. Белгилүү бир багытта иштеген меке менин бөлүмү. *Кадрлар сектору.*

4. Эл чарбасынын белгилүү бир экономикалык жана социалдык белгилери болгон бөлүгү. *Эл чарбасынын социалисттик сектору.*

СЕКУНДА *зат.* 1. Минутанын $\frac{1}{60}$ бөлүгүнө барабар убакыт өлчөмү.

2. *мат.* $\frac{1}{3600}$ градуска барабар болгон бурчтарды жана жааны өлчөө единицасы.

СЕКУНДАНТ *зат.* 1. Дуэлде ар бир атышкан кишини жандап арага жүрүүчү же күбө болуучу адам.

2. Бокс, шахмат ж. б. оюндарда мелдешке катышкандарды тейлөө, машыктыруу ж. б. иштерди жүргүзүүчү адам.

СЕКЦИЯ *зат.* 1. Мекеменин, уюмдун белгилүү бир багытта, белгилүү бир кесипчилик боюнча иштеген бөлүгү. *Спорт секциялары. Волейбол секциясы.*

2. *тех.* Имараттын, курулуштун, аркандай түзүлүштүн майда деталдардан турган бөлүктөрү. *Трубопроводдун секциялары. Турак жайдын секциялары.*

3. Кеңешмелердин, конференциялардын ж. б. талкуулана турган маселелердин жөнүнө, профилине карата ылайыкталган тармагы, бөлүгү.

СЕЛ *зат.* Суу ташкыны, кыян. *Дүйнөнү сел алса, өрдөктө кайгы жок* (макал). *Ашуусу болбой бел болбойт, Кар бузулбай сел болбойт* (Тоголок Молдо).

СЕЛДЕ I *зат.* Молдолор, эшендер ж. б. диндик кызматта жүргөн адамдар башына чалып, оронуп алуучу узун ак кездеме; ошол кездемеден чалып жасалган баш кийим. *Ажылар Кетмен-Төбөдөн аттанганда эле селде оронуп аттанышты* (Аалы). *Казандай селде оронгон Молдо менен кары бар* (Барпы).

СЕЛДЕ II *этиш.* Басаңдай түшүү, азайып, акырындап калуу. *Жамгыр бирде селдеп, бирде демдеп турду* (Каимов). *Күн батып күүгүм кирди, көчө менен жүргөндөрдүн аягы селдеп калды* (Жантөшев).

СЕЛДЕЙ *этиш.* Апкаарып, калтаарып же өзү ооп түшкөндө, таң калганда, бирнерсеге кайдыгер карап, ыкшоо тартып турганда, эмне кыларын билбей, өзүн жоготуп койгон учурда ж. б. кыймылсыздейдин туруп калуу. *Келиндин үрөйүн көргөн Батма селдее турду* («Ала-Тоо»). *Кымка эне шыпыргысын кармаган боюнча селдейди* (Бейшеналиев). *Эжеке, тиги жигит эмне үчүн пахтасын тербей селейди?* (Жантөшев).

СЕЛДЕЙТ селдей этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЛДЕЙҮҮ селдей этишинин кыймыл атоочу.

СЕЛДЕЛҮҮ *сын.* Селдеси бар, селде оронгон, селде чалынган. *Аса-мусалуу, чоң селделүү Берик секирип кирет* (Бөкөнбаев).

СЕЛДЕТ селде этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЛДӨӨ селде этишинин кыймыл атоочу.

СЕЛЕБЕ *зат. эс.* Кылыч. *Салаңдаган муруну, Селебенин кабы окшоп* («Манас»).

СЕЛЕЙ селдей менен бирдей.

СЕЛЕКЦИОНЕР *зат.* Селекция жагынан специалист.

СЕЛЕКЦИЯ *зат.* Тандоо, ылгоо, аргындаштыруу жолу менен айбандардын асыл тукумун, өсүмдүктөрдүн жакшы сортторун, жаңы түрлөрүн чыгаруу жана мыктылоо иши; ушундай иштерди жүргүзүүчү илим тармагы.

СЕЛК: селк-селк этүү — тез-тез кыймылдоо, желпилдөө. *Түнкү соккон сыдырым желге, Селк-селк этип чөптөр шуудурап* (Шүкүрбеков). *Жибек саамай селк этти* (Бөкөнбаев).

СЕЛКИ *зат.* Бойго жеткен кыз, жаш келин. *Зар ыйлап малча сатылган, Селкилер күлгөн кез ушул* (Жантөшев). *Ал тиги кызыл жоолукчан — Эмгектин кызы селкибиз* (Турусбеков).

СЕЛКИЛДЕ *этиш.* Селк-селк этүү, селк-селк эткен кыймылда болуу. *Аппак селкилдеген узун сакал* (Аалы). *Өркөчтөрү депилдеп, Чуудалары селкилдеп* («Манас»).

СЕЛКИЛДЕТ селкилде этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЛКИЛДӨӨ селкилде этишинин кыймыл атоочу.

СЕЛКИНЧЕК *зат.* Оюн-шоок үчүн күү менен алга, артка чайпалып тебүүгө ылайыктап курулган жасалга. *Өткөрдүк айлуу түндү нечен жолу, Бир тептик селкинчекти жыргап-куунап* (Үмөталиев). *Ар бир айыл четинде Алты бакан селкинчек* («Мендирман»).

СЕЛО *зат.* Шаар тибинде болбогон жалпы айыл, кыштак. *Эрте туруп Нур акемдин үйүнөн Кирсиз таңда село көркүн карадым* (Аалы). *Селонун чыгыш жаккы четинде окшош салынган бир нече үй* (Жантөшев).

СЕЛОЛУК *сын.* Селого таандык. *Атам селолук мектепте сабак берүүчү* (Сыдыкбеков).

СЕЛПЕЙ *этиш.* Үстү-башы, жүрүш-турушу тың болбой илээлеп туруу, жүдөө болуу. *Эмне селпейип жүрөсүң биерде? — деп бизди кемсинте сүйлөдү* («Чалкан»). *Эшиктен кирип келип мыкаачы бай, Тээптир эмне турдуң деп селпейип* (Турусбеков).

СЕЛПЕЙТ селпей этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЛПЕКТЕ *этиш.* Эби-сыны жок, селп-селп эткен көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Селпектеп качып жөнөө.*

СЕЛПЕКТЕТ селпекте этишинин аркылуу мамилеси.

СЕЛПЕКТӨӨ селпекте этишинин кыймыл атоочу.

СЕЛСАЯК *зат.* Белгилүү турган жайы жок, кыдырып жүрмө, жакырланган, тентиреген адам.

СЕЛСАЯКТА *этиш.* Селсаякты кылуу, кыдырып, тентиреп жүрүү.

СЕЛТ: селт этүү — чочуп кетип денеси жыйрыла түшүү, тартыла түшүү, селтең эткен көрүнүштө болуу. *Селт этип тура калды. Селт этип Дилвар ойгонду шашып, Кашкаят асман күзгү таң атып* (Абдыраманов).

СЕЛТЕҢ: селтең этүү — чочуп кетип тез кыймыл жасоо. *Ичи ачыша түшкөн Динар эки колун тең көтөрүп селтең этти* (Сыдыкбеков).

◆ **Селтең-селтең этүү** — чочулап эки жагын тез-тез карануу.

СЕЛТЕҢДЕ *этиш.* Элтең-селтең этип эки жагын тез-тез карануу.

СЕЛЬПО *зат.* Селолук керек-жарак коому жана ошондой коомдун магазини. *Кечээ күнү сельпого көп кездеме келди* (Баялинов).

СЕЛЬСОВЕТ *зат.* Селолук совет. *Орусбек окуу жашына толгондо Омордун үйүнө сельсоветтен киши келди* (Сыдыкбеков).

СЕМАНТИКА *зат.* 1. **семасиология** менен бирдей.

2. Сөздөрдүн маанисн.

СЕМАСИОЛОГИЯ *зат.* Сөздөрдүн маанилерин, алардын өзгөрүшүн изилдей турган тил илимининн атайын бөлүмү.

СЕМАФОР *зат.* Темир жол түйүнүндө жолдун ачык же жабыктыгын жарык аркылуу билдирүүчү сигнал.

СЕМЕСТР *зат.* Жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуу жылынын жартысы.

СЕМИЗ *сын.* 1. Эти толук, майлуу. *Кой семизи койчудан* (макал). *Аттардын ичиндеги семизи жана күлүгү тору ала ат экен* (Жантөшев).

2. Өсүмдүк үчүн керектүү заттары жетиштүү, күр (жер жөнүндө). *Жер семизин тандашып, Айдашкан элди карачы* (Токтогул).

СЕМИЗДИК *зат.* Семиз болгон абал. [*Койлордун*] *жазга үшул семиздиги менен жетпесе да өңдүү жетерине ишенем* (Жантөшев). *Араба менен жүрчү эле, Семиздиктен басалбай* (Маликов).

СЕМИНАР *зат.* 1. Жогорку окуу жайларында мугалимдердин жетекчилиги менен өткөрүлүүчү группалык практикалык иш, занятие.

2. Квалификацияны жогорулатуу үчүн атайын даярдык берүү максатында өткөрүлгөн кружок. *Пропагандисттердин семинары. Агитаторлордун семинары.*

СЕМИР *этиш.* 1. Эт алуу, эттүү болуу, семиз болуу. *Жайылып малың семирсе, Жайыттын көркү сонун да!* (Токтогул). *Үйлардын жүнүнөн май чыгып, жылтылдап, семире баштады* (Бейшеналиев). *Өлөңдүү жерде өгүз семирет, өлүктүү жерде молдо семирет* (макал).

2. Өсүмдүк үчүн керектүү заттары жетиштүү болуу, күр болуу (жер жөнүндө). *Аңкып жаткан байыркы Аңыздары семирген* (Тоголок Молдо).

СЕМИРТ семир этишинин аркылуу мимилеси.

СЕМИРТКИЧ: жер семирткич — түшүмдүүлүктү жогорулатуу **максатында** кыртышка төгүлүүчү зат. *Минералдуу семирткич. Органикалык жер семирткич. Химиялык жер семирткич.*

СЕМИРУУ семир этишинин кыймыл атоочу.

СЕН *ат.* Экинчи жакка карата колдонулуучу жактама ат атооч. *Чыгым салып эл жедиң, Чыркыратып жардыны, Жалгыз атын сен жедиң* (Токтогул). *Сен—карчыганын тынары, Мен — кара тоонун улары* (Тоголок Молдо). *Кыйналып жүрүп өлбөсөм, Кегимди сенден аламын* (Барпы).

◆ **Сен, мен дешип калуу** — бири-бирине жакшы-жаман сөз айтып урушуп калуу.

СЕНАТ *зат.* 1. Байыркы Римдеги башкаруунун жогорку органы.

2. Падышалык Россияда: жогорку соттук-административдик мекеме.

3. Бир катар өлкөлөрдө закон чыгаруучу жогорку палата (АКШда конгресстин, ал эми Белгия, Канада жана башка мамлекеттерде парламенттин жогорку палатасы).

СЕНАТОР *зат.* Сенаттын мүчөсү.

СЕНДЕЛ *этиш.* 1. Азап тартуу, тентирөө. *Сенсенде энем сен элең, Сенделип кеткен мен элем* (Токтогул).

2. Арып-ачкан, чарчап-чаалыккан түрдө темтеңдеп араң басуу.

СЕНДЕЛТ сендел этишинин аркылуу мамилеси.

СЕНДЕЛҮҮ сендел этишинин кыймыл атоочу.

СЕНДИРЕКТЕ *этиш.* Алы кетип, бутун араң шилтеп тамтаңдап басуу. [*Батма*] *сендиректеп барып жүктүн бурчуна сүйөнүп олтурду* (Байтемиров).

СЕНДИРЕКТЕТ сендиректе этишинин аркылуу мамилеси.

СЕНДИРЕКТӨӨ сендиректе этишинин кыймыл атоочу.

СЕНЕЙ *этиш.* Сенек болгондой былк этпей катып калуу, кыймылдабай калуу. [*Зайнанын*] *оюнан бардык нерсе чыгып, эки колун өйдө көтөргөн калыбында сенейди* («Жаш ленинчи»).

СЕНЕЙТ сеней этишинин аркылуу мамилеси.

СЕНЕЙҮҮ сеней этишинин кыймыл атоочу.

СЕНЕК *сын.* Катып калган, шал болуп калган. *Колу сенек.*

СЕНСАЦИЯ *зат.* Көпчүлүктүн делебесин козгогон, көңүлүн эргиткен, тоңшуткан кабар, көз караш, укмуштуу окуя.

СЕНТЯБРЬ *зат.* Календарлык жыл эсебинин тогузунчу айы. *Сентябрь ай, коон жыттуу сонун ай, Бышыкчылык.. барлык элдин көңүлү жай* (Осмонов).

СЕҢИР *зат.* Тоонун уурчуктанган бийик кыры. *Жети-Өзөндү көрүүгө, Жерге талдуу сеңирге Жетип ордо тикти эле* («Сейтек»). *Жатып калды Табылды, Учтанган кара сеңирге* («Эр Табылды»). *Кайкысын көк сеңирдин кетти ашып, Камчы урдум кула керге мен да шашып* (Осмонкул).

СЕҢСЕЛ *этиш.* Селкилдеп, ыргалып туруу (жүн, чач же жыш өскөн чөп, эгин ж. б. жөнүндө). *Койлор чубайт жибек жүнү сеңселип, Үйлөр оттойт бүйрү чыгып теңселип* (Осмонкул). *Арпа, буудай, сулуулар Сепкен жерде сеңселип* (Нуркамал).

СЕҢСЕЛТ сеңсел этишинин аркылуу мамилеси.

СЕҢСЕЛҮҮ сеңсел этишинин кыймыл атоочу.

СЕП I *зат.* 1. Кызды күйөөгө бергенде кошо берилүүчү кийим-кече, үй оокаттары жана түрдүү буюмдар. *Солтобайга беремин Кызымды сонун түркүн сеп менен* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Кошумча. *Бака сийсе, көлгө сеп* (макал).

СЕП II: жаны сеп алуу — кичине эс алуу, дем алуу. *Жаныңды такыр сеп алдырбас болдуң* (Бейшеналиев).

СЕП III *этиш.* Майда же суюк нерсени биринтетип чачуу, себелөө. *Эшик алдын шыпырып, суу сээп тазалайм* (Абдукаримов). *Арпа, буудай, сулулар Сепкен жерде сеңселип* (Нуркамал).

СЕПАРАТОР *зат.* Каймагын ажыратып алуу үчүн сүттү тарта турган машина, сүт машина.

СЕПИЛ *зат.* 1. Коргонуу үчүн калк отурукташкан пункттун айланасына абдан мыктап салынган коргон. *Сепилин бийик куруптур* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Кебелбес күч. *Социалисттик лагердин өлкөлөрүнүн улуу достугу тынчтыктын жана элдердин коопсуздугунун кебелбес сепили болуп саналат* («Коммунист»).

СЕПКИЛ *зат.* Кээ бир кишилердин терисинде (көбүнчө бетинде) пайда болуучу саргыч же күрөң түстөгү майда чыбыр тактар. *Чекири жок кой көздүү, Сепкили жок ак жүздүү* («Семетей»). *Анын эки бетинин отунда билинер-билинбес сепкили бар* (Абдумомунов).

СЕПКИЛДҮҮ *сын.* Сепкил баскан, сепкили бар. *Тамара жыйырма бешке чамалаш, билинер-билинбес сепкилдүү келин* (Байтемиров). *Кара тору сепкилдүү келин жолдошун чымчып өттү* («Ала-Тоо»).

СЕПТИР сеп этишинин аркылуу мамилеси.

СЕПТҮҮ *сын.* Себи бар, себи менен берилген (кызга карата). *Септүү кыз.*

СЕРБЕЙ *этиш.* 1. Жапыз жана бириндерин, анда-мында болуп суюк өсүү (өсүмдүктөр, кыл, чач ж. б. жөнүндө). *Сакалмуруту сербейип туруу. Сербейген майда карагайлар. Сербейген караган - бута.*

2. Кичине болуп көрүнүү, эрбейүү. *Балам, сербейбей чай кайнатыша койсоң боло* («Чалкан»). *Төрт чөмөлө чөп кепенин үстүндө сербейип турат.*

СЕРБЕЙТ сербей этишинин аркылуу мамилеси.

СЕРБЕЙҮҮ сербей этишинин кыймыл атоочу.

СЕРБЕҢДЕ *этиш.* Сербейген кичинекей көрүнүштө кыймылдоо. *Сербеңдеп ойноп жүргөн көпөлөгүмсүң* (Сыдыкбе-

ков). *Саамайы үчүп сербеңдеп Көкүлү үчүп эрбеңдеп* («Эр Табылды»).

СЕРВИЗ *зат.* Аяк-табак, чыны-чайнек сыяктуу идиштердин тандамал тобу. *Чай сервизи.*

СЕРГЕК *сын.* 1. Көңүлү көтөрүңкү, ачык, шат. *Кычандын жүрөгүн түпөйүл басканы менен, көңүлү сергек* (Бейшеналиев). *Сергек Зарыл күндөгүсүндөй эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков).

2. Сак, абайлагыч, кыраакы, аркы-беркини тез сезүүчү. *Көп уйкуга кызыкпай, Сергек болгон жакшы экен* (Барпы). *Мырзабек абдан сергек бала* (Абдумомунов).

СЕРГЕКТИК *зат.* 1. Көңүлү көтөрүңкү, ачык, шат болгондук.

2. Сактык, абайлагычтык, кыраакылык, аркы-беркини тез сезүүчүлүк.

СЕРГИ *зат.* 1. Салкын абага чыгып эс алуу, серүүндөө, көңүл ачуу. *Сергисек төрдө гүл сайма, Суктансак мөлтүр Ак-Сайга* (Абдыраманов). *Жайлообуз сонун жер болот, Жан-жаныбар сергиген* (Бөкөнбаев). *Ашуунун аркы бетине түшөр замат эле жүрөк толкуп, көңүл сергий түштү* («Жаш ленинчи»).

2. Күн ачылып, жаан-чачын басылуу. *Күн сергиди.*

3. Кургай баштоо, тоборсуу. *Кир сергиди.*

4. Жеңилденүү, өзүн жеңил сезүү, бошоо. *Жумуштан сергий түшүү. Уруя сөзүнүн аягына чыкканда бир чоң жүгү түшкөнсүп, бою сергий түштү* (Байтемиров).

СЕРГИТ серги этишинин аркылуу мамилеси.

СЕРГҮҮ серги этишинин кыймыл атоочу.

СЕРЕ I *зат.* 1. Түркүктөргө орнотулган үстүнкү бети гана жабылып, туш жактары ачык бастырма.

2. Курут кургатуу үчүн ылайыкталган бийик секиче. *Алачык менен үйдүн ортосунда сереси бар экен, үстүнө кыша таштап, курут жайып коюптур* (Касымбеков).

3. Төрү, төбөсү. *Коммунизм сересине жеткирер Жаркыраган партиянын жолу бар* (Аалы).

СЕРЕ II *зат.* Төрт манжанын салаалаарын анча бириктирбей, ачыгыраак коюп өлчөгөндөгү жазылык энди билгизген чен. [*Улак*] *башкалардан сере бийик* (Бейшеналиев). *Казысы сере бээ союптур.*

СЕРЕ III: таңдын эре-сересинде — таң кулан өөк болгондо, таң жаңыдан атып келе жатканда. *Таңдын эре-сересинде Табылдынын айлына келип калды* («Эр Табылды»).

СЕРЕЙ *этиш.* Сороюп, эрбейип чыгып туруу. *Шыпшагандай серейип, куурагаңы дагы бар* (Аалы). *Кулактары серейип, Энесин таппай элейип* (Шүкүрбеков).

СЕРЕҢ: серең-серең *туур.* Кичине нерсенин анда-мында бир көрүнүп, сербеңдеп чуркаган көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат. *Коён серең-серең этти.*

СЕРЕҢДЕ *этиш.* Серең-серең этүү. *Сеңсең куйрук, кош кулак, Сереңдеген коёнек. Сереңдеп чуркаган сур чычкандар.*

СЕРЕҢДЕТ серең-де этишинин аркылуу мамилеси.

СЕРЕҢДӨӨ серең-де этишинин кыймыл атоочу.

СЕРЕПЧИЛЕ *этиш.* Алысты караганда алаканды чекесине кырынан коюп, бир нерсени жакшылап көрүүгө ыңгайлоо. *Азыр үйүн көздөй бурулган үч мугалимди көрүп, Омор колун чекесине серепчилей карады* (Сыдыкбеков).

СЕРЕПЧИЛӨӨ серепчиле этишинин кыймыл атоочу.

СЕРЖАНТ *зат.* Армиядагы, милициядагы кенже командалык составда берилүүчү наам, чин жана ушундай наамдагы, чиндеги адам (кызматкер). *Көргөн окуясын баштан аяк отделениесинин командири сержант Иван Безруковго айтып берди* (Сыдыкбеков).

СЕРИЯ *зат.* 1. Турпатташ, маанилеш, мазмундаш же бир канча жалпы, окшош белгилери бар нерселер. *Художник С. Акылбеков колхозчулардын колхоз талаасындагы ыраатту эмгеги жөнүндө картиналардын сериясын жазды* («Ала-Тоо»).

2. Кинокартинанын өзүнчө жеке көрсөтүлүүчү бөлүгү. *Үч сериядан турган картина. Көп сериядан турган кинофильм.*

3. Акча, облигация кагаздарынын, документтердин цифралар же тамгалар менен белгиленген разряды, категориясы. *Облигациянын номери жана сериясы. Паспорттун номери жана сериясы.*

СЕРИЯЛУУ *сын.* Сериядан турган, серия-серия болуп чыгарылган. *Сериялуу өндүрүш.*

СЕРИЯЛЫК *сын.* Серияга таандык. *Техниканы сериялык түрдө бир кыйла жакшы даражада даярдоо.*

СЕРКЕ *зат.* Эки жашка караган бите-лген теке. *Миң койду бир серке баштайт* (макал).

СЕРКЕЧ серке менен бирдей.

СЕРМЕ *этиш.* 1. Кармоо, кармап алуу аракети менен колду умтула шилтөө, сермөө, илип алуу. *Апасы келип сермей берерде Сатыкул ойт берди* (Касымбеков). *Табына келген убакта, Таасын сермейт куш дагы* (Осмонкул). *Оозун ачкан бөрүнү Берен бүркүт сермесин* (Бөкөнбаев).

2. Учуу, алга карай умтулуу аракети менен канатты кыймылга келтирүү, канат кагуу, серпүү. *Канат сермеп, бүк болуп, Келатты үчүп жагалмай* (Бөкөнбаев).

СЕРМЕЛ серме этишинин туюк мамилеси.

СЕРМӨӨ серме этишинин кыймыл атоочу.

СЕРП *этиш.* 1. Шилтөө, сермөө. *Чогулуш болсо кол серпип, Күрсүлдөдүң активим* (Үмөталиев).

2. Жулкуп тартуу, булкуп ыргытуу, илип тартуу. *Серперимде балыкты Жаян келип сугунду* («Кедейкан»). *Түндүктү серпип тартып, кайырып койгула* («Ала-Тоо»). *Чын эле серпип ыргыттың Чычканды мышык баскандай* (Токтогул).

◆ **Каш серпүү** — кашын кагуу, көтөрүү. *[Даша] Ашырды көрө коюп, кашын серпип, чекесин жыйрып алды* (Сасыкбаев). **Мурутун серпүү** — мурутун тегиздеп учтарын кыркуу.

СЕРПИЛ серп этишинин туюк мамилеси.

СЕРПИЛГИЧ *сын.* Ийилип калыбына келме; созулуп калыбына келме. *Серпилгич пружина.*

СЕРПИНДИ *зат.* Бир нерсенин учкуну, чачырандысы. *Өрттөнгөн ошо казандын Серпиндиси тийбесин* («Эр Төштүк»).

СЕРПИШ *этиш.* Кармашуу, алышуу, күрөшүү. *Серпишкенге бой бербес, Сепил болуп калгыла!* («Семетей»). *Серпишкен жоону басынтып, Жеңбей кайтчу биз бекен?* (Элебаев).

СЕРПИШТИР серпиш этишинин аркылуу мамилеси.

СЕРПИШҮҮ серпиш этишинин кыймыл атоочу.

СЕРПТИР серп этишинин аркылуу мамилеси.

СЕРПҮҮ серп этишинин кыймыл атоочу.

СЕРТ *сын.* 1. Ирең суук, сулуу эмес (өң жөнүндө). *Анын ирең серт көргөзгөн оң жаагында уржук-буржук болуп айыккан тырыгы бар* («Ала-Тоо»).

2. Жагымсыз, жаман. *Энесиз жетим деген сөз өң эле суук, серт экен* (Убукеев).

СЕРҮҮН *зат.* Салкын, мээлүүн. *Кечки жел берет серүүндү, Эмгекти кылып жатканда* (Бөкөнбаев). *Ашыр жаздын серүүн абасын жута дем алып, теребелди суктана карады* (Сасыкбаев).

СЕРҮҮНДӨ *этиш.* 1. Салкын, мээлүүн тартуу, серүүн абалга келүү. *Күн серүүндөй түштү.*

2. Салкындап дем алуу. *[Дербиш] өзүнө тааныш бактын ичинде серүүндөп келе жатты* (Каимов).

СЕРҮҮНДӨӨ серүүндө этишинин кыймыл атоочу.

СЕРҮҮНДӨТ серүүндө этишинин аркылуу мамилеси.

СЕС *зат.* Айбат, опуза; кыр көрсөткөндүк. *Найзанын учтуусу, кылычтын миздүүсү жерге сес!* (Сыдыкбеков). *Сес көрсөтүп, жүрөгүнүн мизин алуу. Душмандын сесин алгыдай баатырлыгы бар жигиттерден бол* («Ала-Тоо»).

СЕССИЯ *зат.* 1. Бийлик органдарынын мезгил-мезгил менен өткөрүлүүчү жыйыны. *Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясы.*

2. Жогорку же атайын орто окуу жайларында мезгил-мезгили менен экзамендер өткөрүү учуру.

СЕСТЕЙ *этиш.* Коркуп, чочуп, элейип туруп калуу. *Алымкул качан кетти? — деп Карып сестее түштү* (Абдукаримов). *Келиндер бир аз сестее тушушуп, анан сыр бербеске салышты* (Сыдыкбеков).

СЕСТЕН *этиш.* Коркуу, айбыгуу. *Арзының көз карашынан сестене түшкөн Жума кичине мукактана түштү* (Жантөшев). *Канай «Атам уруп коёт го» деп сестенчү* (Таштемиров).

СЕСТЕНҮҮ сестен этишинин кыймыл атоочу.

СЕСТҮҮ *сын.* Сүрдүү, сес көрсөтөрлүк. *Бир саамдай Зайнага сестүү карап турду да, Калпакбай уулу столду дүп муштады* (Сыдыкбеков).

СЕТКА *зат.* 1. Жиптен, сымдан ж. б. ар кандай керектөөлөргө ылайыктап согулган тор. *Кроваттын сеткасы. Волейбол сеткасы.*

2. Азык-түлүк, ар кандай майда нерселер салып, колго алып жүрүүгө ылайыктап жиптен ж. б. тордоп согулган сумка, баштык. *Колуна бир сетка алма көтөргөн жаш келин автобуска карай бет алганда, ага удаа биз да жөнөп калдык* («Ала-Тоо»).

3. Расписание, шкала, схема. *Тариф сеткасы. Окуу сааттарынын сеткасы.*

СЕТКАЛУУ *сын.* Сеткасы бар. *Эшикте, зым сеткалуу кроватта Жатамын салкын түндө жылдыз санап* (Үмөталиев).

СЕЯЛКА *зат.* Үрөн сепкич машина.

СИГНАЛ *зат.* 1. Үн же жарык аркылуу кандайдыр бир кабар, буйрук, команда берүү үчүн колдонула турган шарттуу белги. *Жарык менен берилүүчү сигнал. Кырсык сигналы.*

2. Кабар, билдирүү. *Ар кандай кылмыштуу иштер жөнүндө түшкөн сигналдар.*

СИГНАЛИЗАТОР *зат.* Сигнал берүүчү прибор же ошол прибордун сигнал берүүчү бөлүгү.

СИГНАЛИЗАЦИЯ *зат.* Сигнал берүү системасы; сигнал берүү үчүн жасалган аппарат же түзүлүш. *Темир жол сигнализациясы. Деңиз сигнализациясы.*

СИГНАЛЧЫ *зат.* Сигнал берүүчү.

СИЗ *ат.* Сен деген жактама ат атоочтун сылык формасы. *Сизден башка адамдан Укканым жок жылуу сөз* (Токтогул). *Сизге салам айтышты, — деди окуучулар мугалимдерине* («Жаш ленинчи»).

СИЙ *этиш.* Заара кылуу, сийдик чыгаруу.

СИЙГЕК *сын.* Табарсыгы бош, төшөгүнө сийип коймо.

СИЙГИЗ сий этишинин аркылуу мамилеси.

СИЙДИК *зат.* 1. Бөйрөк аркылуу иштелип чыгып, жыныс органынын заара өтө турган жолу менен организмден бөлүнүп чыгуучу суюктук, заара.

2. *сүйл.* Эркектин уругу, тукуму. *Сийдиги таза айгыр. Сийдиги асыл букадан алынган төл. Сийдиги бир, жатыны башка.*

◆ **Суу сийдик** — уругунан бала болбогон, бала төрөлбөгөн (эркектер жөнүндө). **Арам сийдик** — никесиз төрөлгөн (балага карата). *Азизкандын Алмамбет Арам сийдик уулу экен* («Манас»).

СИЛЕР *ат.* Сен деген жактама ат атоочтун көптүк саны.

СИЛК *этиш.* 1. Күбүү, кагуу, силкинтүү. *Чаңды какса кетет, кумду силксе түшөт! — деди Мамбет карыя* (Сасыкбаев). *Тебетейин силкип, карын түшүрдү.*

2. Шилтөө. *Көкө чекесин чүрүштүрө калып, колун силкип таштады* («Ала-Тоо»). *Өз алдынча кобураган Динар колун силке берип баракка сыя тамызды* (Сыдыкбеков).

3. Булкуу, кагуу, тартуу. *Боз айгыр үйүрүнө карап азынаса, тизгинин катуу силкип коюп, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев). *Кара кашканын тизгинин силккенде, тынчтана түштү* («Жаш ленинчи»).

СИЛКИ силк менен бирдей.

СИЛКИЛДЕ *этиш.* Каарын төгүп, ачууланып калчылдоо.

СИЛКИН *этиш.* 1. Күбүнүү, кагынуу. *Силкингенде жүнүнөн Ар кандай шуулдап үн чыкты* («Эр Төштүк»).

2. Ачууланууу, булкулдоо. *Бүгүн силкинип эле жактырбай калыпсың* («Ала-Тоо»).

СИЛКИНТ силкин этишинин аркылуу мамилеси.

СИЛКИНҮҮ силкин этишинин кыймыл атоочу.

СИЛКҮҮ силк этишинин кыймыл атоочу.

СИЛКИШ силк этишинин кош мамилеси.

СИЛОС *зат.* Малга азык болуучу өсүмдүктөрдөн майда тууралып, атайын жасалган жайда (башня, траншея, ороо ж. б.) ачытуу жолу менен даярдалуучу чыктуу тоют. *Жүгөрүнүн силосу. Силос даярдоо.*

СИЛОСТО *этиш.* Малга тоют болуучу өсүмдүктөрдү силоско айландыруу, силос кылуу.

СИЛОСТОО силосто этишинин кыймыл атоочу.

СИМВОЛ *зат.* Кандайдыр бир түшүнүктүн, идеянын шарттуу белгиси катарында колдонулуучу нерсе; аракет же образ. *Көгүчкөн — тынчтыктын символу. Түшпөгөн Ленин туусу биздин колдон, Символу бардык жоону жеңчү күчтүн!* (Үмөталиев).

СИМВОЛИЗМ *зат.* XIX кылымдын аягы менен XX кылымдын башында Францияда жана Россияда пайда болуп, символдор системасын көркөмдүк ыкма катарында колдонгон буржуазиялык адабият менен искусствонун барып турган индивидуализмге, мистицизмге берилген антиреалисттик агымы.

СИМВОЛИСТ *зат.* Символизмди жолдоочу, ага берилген.

СИМПОЗИУМ *зат.* Кандайдыр бир илимий маселе боюнча чакырылган эл аралык кеңешме.

СИМФОНИЯ *зат.* Оркестр үчүн түзүлгөн, көбүнчө төрт бөлүктөн турган жана ар бир бөлүгү өзүнчө айырмалуу өзгөчөлүккө ээ болгон көлөмдүү музыкалык чыгарма.

СИНОНИМ *зат.* Маани жагы бирдей же бир канча жакын келип, айтылышы ар башка болгон сөздөр (мисалы: баатыр, жүрөктүү, эр ж. б.).

СИНОПТИК *зат. метеор.* Аба ырайынын прогнозун аныктоо, кабарлап туруу жагынан адис, метеоролог.

СИНОПТИКА *зат.* Аба ырайы жана анын кандай болору жөнүндө маалымат берүү адистиги.

СИНТАКСИС *зат.* Сүйлөм түзүлүшүн жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышын изилдей турган грамматиканын атайын бөлүгү.

СИНТЕЗ *зат.* Кандайдыр бир кубулуштун, предметтин анализдөө аркылуу алынган маалыматтарын, өз ара бөлүктөрү менен болгон байланыштарын ж. б. жактарын бирдикте, бирдей жалпылыкта алып, жыйынтыктоо аркылуу жүргүзүлгөн илимий изилдөө методу.

СИҢ *этиш.* 1. Акырындык менен сорулуп, сиңирилип кетүү. *Себелеп жааган жамгыр билинбей жердин кыртышына сиңип жатты* («Ала-Тоо»). *Көлкүлдөп күн нуруна мөңгү жибип, Кумга, коңулдарга кирет сиңип* (Мидин).

2. Ичкен-жеген тамагы аш болуу, бойго тароо. *Сиңбеди бойго ашыбыз, Кыпкызыл канга боёлду, Кыйноону тартып башыбыз* («Манас»). *Шондогу беш минуттук бакыт даамы Каныма беш жүз жылга сиңип калды* (Осмонов).

3. Бекем орун алуу, биротоло бекип, кабыл алынып кетүү, көндүм болуп калуу. *Турмушка сиңген жаңы салт. Кулакка сиңген сөздөр. Сөөккө сиңген адат.*

4. Эмгеги, кызматы, кадыры ж. б. өтүү, кандайдыр бир даражада белгилүү болуу, таанылуу. *Элге кадыры сиңген адам. Түбөлүк жашап каласың, Эмгегиң сиңсе заманга* (Шүкүрбеков). *Даңкы угулуп жер-жерге, Элге сиңди кызматы* (Осмонкул).

СИҢДИ *зат.* 1. Аялдардын же кыз балдардын өзүнөн кичүү кыз бир туугану. *Эжеси кийген тонду сиңдиси да киет* (макал).

2. Жалпы эле өзүнөн кичүү аялдар, кыздар (улуу аялдар, кыздарга карата). *Сизге айтабыз тапшырма, Сиңдилериң биз мында* (Нуркамал). *Үйрөтүп Зуура жүргөндүр, Ээрчитип нечен сиңдисин* (Үсөнбаев).

СИҢИМДҮҮ *сын.* Аш болумдуу, жагымдуу, жакшы сиңе турган. *Сиңимдүү тамак.*

СИҢИР сиң этишинин аркылуу мамилеси.

СИҢИШ *этиш.* Бири-бирине үйүр алышып, билишип, кадыр-баркы сиңип калуу.

СИҢҮҮ сиң этишинин кыймыл атоочу.

СИРОП *зат.* Жемиштин маңызына, ширесине кант кошуп кайнатылган таттуу суюктук.

СИСТЕМА *зат.* 1. Бир нерсени иреттүү жайгаштыруунун, айрым бөлүктөрүн өз ара байланыштыруунун ж. б. белгилүү тартиби. *Китепканадагы китептерди жайгаштыруу системасы.*

2. Коомдук түзүлүштүн формасы. *Социалисттик система. Капиталисттик система.*

3. Бирдей максатта, багытта иш алып баруучу бир катар мекемелердин, уюмдар-

дын белгилүү тобу, бирдиктүү жалпылыгы. *Эл агартуу системасы. Академиянын системасында иштөө.*

4. Бир нерсени уюштуруунун, өткөрүүнүн принциби, формасы. *Шайлоо системасы.*

5. Бөлүктөрү өз ара жалпылыкта, бири-бирине байланышта болуп турган бирдиктүүлүк, жалпы бир бүтүндү түзгөн түшүнүк. *Күн системасы. Нерв системасы. Тилдин грамматикалык системасы.*

СИСТЕМАЛА *этиш.* Системага келтирүү, системалуу кылуу.

СИСТЕМАЛАН системала этишинин өздүк мамилеси.

СИСТЕМАЛОО системала этишинин кыймыл атоочу.

СИСТЕМАЛУУ *сын.* Белгилүү бир системага, тартипке келтирилген, иреттелген, системасы бар.

СИСТЕМАЛАШТЫР *этиш.* Системага, белгилүү бир тартипке келтирүү, иретке салуу, системалуу кылуу.

СИСТЕМАЛАШТЫРУУ системалаштыр этишинин кыймыл атоочу.

СИФИЛИС *зат.* Венерологиялык жугуштуу доо ру.

СКАМЕЙКА *зат.* Тактайга же башка жука материалга бут орнотуп, башка отургучтардан узун кылып жасалган орун-тук.

СКАРЛАТИНА *зат.* Тамакты ооруксунтуп, этке кызыл бүдүрлөр чыгарып кармоочу, көбүнчө балдар ооруй турган жугуштуу илдет.

СКАФАНДР *зат.* Суучулдар кие турган суу өткөрбөс костюм (кийим) жана стратонавттар, космонавттар үчүн атайлап жасалган шлём, дем алууга колдонуучу аппараты бар костюм (кийим).

СКВАЖИНА *зат.* Бургулоо инструменти аркылуу жер катмарына кууш жана терең кылып көзөлгөн тешик. *Нефть скважинасы. Газ скважинасы.*

СКЕЛЕТ *зат.* Адамдын, жаныбарлардын дене турпатынын негизин түзгөн сөөктөрдүн жалпы тутуму, бири-бирине бириккен жалпы көрүнүшү.

СКЕПТИК *зат.* 1. Скептицизмди жолдоочу.

2. Бардык нерсеге шектүү караган, ишеним кылбаган адам.

СКЕПТИЦИЗМ *зат.* Объективдүү чындыкты, дүйнөнү таануу, билүү мүмкүнчүлүгүнө баа бербеген, аны танган идеалисттик философиянын багыты, агымы.

СКИПИДАР *зат.* Ийне жалбырактуу жыгачтардын чайырларынан иштелип чыгарылган медицинада, лак жана боёк жасоо өндүрүшүндө ж. б. колдонула турган жыты күчтүү суюктук.

СКЛАД *зат.* Ар кандай нерселерди жайгаштырып сактоо үчүн пайдаланылуучу жай, имарат, кампа.

СКРИПАЧ *зат.* Скрипкада ойноочу музыкант.

СКРИПКА *зат.* Төрт кылдан турган жогорку тембрдеги кыл кыяк сыяктуу музыкалык инструмент.

СКУЛЬПТОР *зат.* Скульптуралык чыгармаларды түзүүчү, жасоочу художник.

СКУЛЬПТУРА *зат.* 1. Жабыштыруу, кесүү, чегүү, оюу жолу менен статуя, бюст, барельеф ж. б. сыяктуу искусстволук чыгармаларды түзүү өнөрчүлүгү.

2. Искусствонун ушул түрүнө таандык чыгармалар.

СЛЕСАРЬ *зат.* Металлдан иштелген ар кандай жасалгаларды, буюмдарды кол менен жасоо, бөлүктөрүн жыйноо, оңдоо иштерин жүргүзүүчү жумушчу.

СЛЁТ *зат.* Кандайдыр бир массалык уюмдардын, бир профессиядагы өкүлдөрдүн жыйналышы, съезди. *Алдынкы малчылардын слёту. Пионерлердин слёту.*

СМЕНА *зат.* Жумуш иштөөнүн, окуунун бирин-бири алмаштырганда, которгонго чейинки иштеп же окуп турган мөөнөтү, убактысы. *Шахтёрлорду таңкы сменага чакырган гудок созолонду* (Сасыкбаев).

СМЕНАЛЫК *сын.* Сменага таандык. *Сменалык мастер. Сменалык бригадалар.*

СМЕТА *зат.* Болочок киреше, чыгашалардын эсептелип чыккан эсеп-кысабы, бир нерсенин болжолдуу расчету. *Смета түзүү.*

СНАЙПЕР *зат.* Таамай, так атуу чеберчилигине ээ болгон аткыч, көзгө атар мерген.

СНАРЯД *зат.* Артиллериялык куралдар менен атылуучу ок. *Катюшанын снарядын тартууга Чекителгенмин мен барганда согушка* (Аалы).

СОВЕТ *зат.* 1. Социалисттик коомдун саясий түзүлүшүнүн формасы болуп эсептелген, жумушчу табынын диктатурасын жүзөгө ашырган мамлекеттик бийликтин органы. *СССРдин Жогорку Совети. Кыргыз ССР Жогорку Совети. Эмгекчилердин шаардык Совети.*

2. Ар түрдүү коллегиялык органдардын аты. *Министрлер совети. Окумуштуулар совети.*

СОВЕТТИК *сын.* Советтер өлкөсүнө, совет мамлекетине, анын бийлигине таандык, тийиштүү. *Жашасын бул союзда эркин өсүп, гүлдөгөн Советтик Кыргызстан!* («Советтик Кыргызстан»).

СОВНАРКОМ *зат.* Эл Комиссарлар Совети.

СОВХОЗ *зат.* Социалисттик мамлекеттин айыл чарба өндүрүшү. *Дан чарба совхоздору. Мал чарба совхоздору.*

СОГОН *зат.* Кумдуу жерге өсүүчү жапайы пияз. *Согону кумда түптөгөн, Соорусун гүлүн ачпаган* (Тоголок Молдо). [*Талды-Булакта*] *тоолордун беттеринин баары согон, танаа, сонун чөп* (Сасыкбаев).

СОГОНЧОК *зат.* 1. Буттун апкытка туура келген бөлүгү. *Согончогум туурулду, Заманам жаман кууруулду* (Токтогул). *Катуу суук чилдеде Согончогум жарылган* (Барпы).

2. Бут кийимдин апкыты. *Өтүгүнүн согончогу менен атын боорго ныкып койду* («Ала-Тоо»). *Токтогул кара чокойдун*

согончогу менен торпогун колтукка тээп калды (Аалы).

◆ **Согончогу каноо** *к.* **кана II.**

СОГОНЧОКТО *этиш.* Согончок менен ныгырып басуу, такандап басуу. *Алардын артынан уй багуучу Усөнбай да согончоктой басып кетти* («Чалкан»).

СОГУЛ *этиш.* 1. **сок** этишинин туюк мамилеси.

2. Бир нерсеге тийүү, урунуу, кагылуу. *Таштан ташка согулган Чүйдү жээктеп зымырыла жөнөдү* («Советтик Кыргызстан»).

СОГУЛТ согул этишинин аркылуу мамилеси.

СОГУЛУУ согул этишинин кыймыл атоочу.

СОГУМ *зат.* Байлап семиртип, кышка карата союла турган мал. *Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта* (макал). *Боз бээнин семиздигине кызыгып Белек өзү согумга союп алды* (Жантөшев).

СОГУУ сок этишинин кыймыл атоочу.

СОГУШ I *зат.* Мамлекеттер, айрым элдер же уруулар арасында болгон кураддуу күрөш, кагылыш. *Улуу Ата Мекендик согуш.*

◆ **Граждандык согуш** *к.* **граждандык.**

СОГУШ II *этиш.* Урушуу, мушташуу, кармашуу.

СОГУШТУК *сын.* Согушка таандык. *Согуштук наам. Согуштук абал.*

СОГУШТУР согуш этишинин аркылуу мамилеси.

СОГУШУУ согуш этишинин кыймыл атоочу.

СОГУШЧУЛ *сын.* Согушчан, согуш ачууну, талоончулукту сүйгөн.

СОДА *зат.* Тиричиликтеги түрлүү максаттар үчүн, техникада, медицинада, кулинарияда ж. б. колдонулушуна жараша составдык өзгөчөлүктөрү бар ак порошок түрүндөгү зат.

СОЗ *этиш.* 1. Жумшак, үлпүлдөк затты чоюп узартуу, созултуу. *Жүн созду. Жибек созду.*

2. Сунуу (колду, моюнду ж. б.). *Көрсөттү бир карыя колун созуп, Караса бирөө келет жолун тосуп* (Үмөталиев). *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков).

3. Үндү, обонду узарта чыгаруу, көпкө улантуу. *Ырдаймын талбай толкундап, Ыраакка созуп үнүмдү* (Нуркамал). — *Ким бар? — деди дарбазанын сыртындагы киши үнүн созуп* (Каимов).

4. Кечеңдетүү, создуктуруу, саалытуу, тез бүтүрбөө. *Иште созо бербей, тезинен бүтүрүү керек эле. Жыйналышты көпкө созбой эле бүтүрсөк боло.*

СОЗДУГУУ создук этишинин кыймыл атоочу.

СОЗДУК *этиш.* Кечеңдөө, көпкө созулуу. *Иш создугуп кетти.*

СОЗДУКТУР создук этишинин аркылуу мамилеси.

СОЗДУР соз этишинин аркылуу мамилеси.

СОЗОЛОН *этиш.* 1. Бир топко чейин созулуп чыгуу (мис., үн, дабыш). *Созолонгон ырдын күүсүн укканбын, Үнсүз, сөзсүз жүрөгүнө так калды* (Бөкөнбаев). *Оркестрдин созолонгон шаңдуу марш күүсү жаңырды* («Советтик Кыргызстан»).

2. Сүзүлүү, керилүү, суйкаюу, чоюлуу. *Созолонгон жаш келин.*

СОЗОЛОНТ созолон этишинин аркылуу мамилеси.

СОЗОЛОНУУ созолон этишинин кыймыл атоочу.

СОЗУЛ *этиш.* 1. **соз** этишинин туюк мамилеси.

2. Назик, токтоо мүнөздө болуу. *Созулган жакшы киши. Жибектей созулган кыз.*

СОЗУЛТ созул этишинин аркылуу мамилеси.

СОЗУЛУУ созул этишинин кыймыл атоочу.

СОЗУУ соз этишинин кыймыл атоочу.

СОЙ *этиш.* 1. Мууздап, терисин сыйыруу (малды же башка жаныбарларды). *Конок тойбодум деп таарынбайт, сойбоду деп таарынат* (макал).

2. Жешке ылайыктап кесүү, тилүү (мис., коонду, дарбызды).

3. Катуу жазалоо, сабоо, өлөрчө жанчып уруу; катуу уят кылуу, айласын кетирип, жерине жеткирип, сөзгө жыгуу.

◆ **Союп каптагандай** — өтө окшош, дал өзүндөй.

СОЙГОК *сын.* Куурап, саргайып калган чөптөрү бар жантаймадагы тайгак, жылбышкак. *Бөксө тоолордун чөбү кубарып, жер сары сойгок болуп калган учур* (Каимов).

СОЙГОЛОНТ сойголон этишинин аркылуу мамилеси.

СОЙГОЛОКТО сойголон менен бирдей.

СОЙГОЛОН *этиш.* Сойгок жер менен сыйгаланып, жылбышып кетүү, сойголоктоо, тайып кетүү.

СОЙГОЛОНУУ сойголон этишинин кыймыл атоочу.

СОЙДУР сой этишинин аркылуу мамилеси.

СОЙКУ *сын.* Ойсоктогон, ойкуштаган, жеңил кыял, ойсоке (аялдар, кыздар жөнүндө).

СОЙЛО *этиш.* 1. Боору менен жылуу, боортоктоп жылып өтүү. *Арзымат сойлоп чыгып окобунан, Бир танкты шиие менен уруп калды* (Үмөталиев). *Жылан сойлоп өтө алгыс жер.*

2. Бир нерсенин ичине, арасына аралай кирүү, бойлой кирүү, сүңгүп кетүү. *Өпкөгө найза сойлогон* («Манас»). *Чилдер каргa сойлоп калган боюнча жашырынып жата берет* («Жаш ленинчи»).

3. Сулаган, жатып калган абалда болуу. *Бир койгондо үчөө-төртөө сойлоп калат* («Чалкан»).

СОЙЛОК: кара сойлок — сулуга окшогон отоо чөп. *Каргаган жылы кара сойлок аралашкан тикен чыгып калар эле* (Убукеев).

СОЙЛОО сойло этишинин кыймыл атоочу.

СОЙЛОТ 1. сойло этишинин аркылуу мамилеси.

2. Жазасын берүү, жок кылуу, көргүлүктү көрсөтүү. *«Сойлотом!» деп жулунган менен колунан эчтеме келбейт* («Ала-Тоо»).

СОЙМОҢДО *этиш.* Иймендөө, сойлоктоо. *Тили соймоңдойт. Жылан соймоңдойт.*

СОЙМОҢДОО соймоңдо этишинин кыймыл атоочу.

СОЙМОҢДОТ соймоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

СОК *этиш.* 1. Уруу, чабуу, коюп калуу. *Темирди кызуусунда сок* (макал). *Балка согуп Сергей, Иван Маңдай тери агылган* (Бөкөнбаев).

2. Кагуу (жүрөк, тамыр жөнүндө). *Болкулдап, согуп алат албуут жүрөк* (Турусбеков). *Өкүнтөрмүн эрдин кесе тиштентип, Жүрөк соктой, жүлүн токтоп калбаса* (Мидин). *Тамыры араң эле согот* («Ала-Тоо»).

3. Токуу. *Өрмөк сок. Мээлей сок. Килем сок.*

4. Жүрүү (шамалга, желге карата). *Атыр жел согот жай менен, Жигитке таалай бүтпөйбү Акылман сулуу жар менен* (Токтогул).

5. Куруу, салуу, жасоо. *Жыйырма бешинчи жылга чейин кулактардын дубалын согуп кол жоорутпадыкпы* (Сыдыкбеков).

6. *сүйл.* Ичүү, жеп, алып жиберүү. *Үчтөрт аяк бозону бир отурушта эле согуп алат* («Ала-Тоо»). *Бирок арактан өзүң качпайсың, Жалгыздап сого баштайсың* (Шүкүрбеков).

СОКБИЛЕК *зат.* Сокунун жанчуу, күйшөө, майдалоо үчүн ургулай турган кошумча куралы.

СОККУ *зат.* 1. Күү менен, катуу күч менен урулуудан, согулуудан чыккан кагылыш.

2. Оор кайгы, түйшүк, азап. *Сүйгөн жарынан ажыроо кандай оор, кандай сокку!* (Абдукаримов).

3. Жеме, кагуу; таяк, тепки. *Мына, соккуну балдардан жедиңби!* (Бейшеналиев). *Катуу сокку жеп калган соң, ал адатымды таштайын дедим* («Ала-Тоо»).

4. Душмандын, жоонун мизин кайтаруу, кыйратуу үчүн көрсөтүлгөн каршылык, чабуул же анын түрлүү башка аракеттери. *Душманга соккү уруу. Душманга катуу соккү уруу үчүн комсомол, партия бирдиктүү болсун деген Ленин* (Байтемиров). *Зор эмгегим соккү болор душманга, Ошондуктан күндөн-күнгө чамдаймын* (Осмонкул).

СОКМО *сын.* 1. Согулуп, токулуп жасалган, согулган, токулган. *Сокмо жоолук. Сокмо таар.*

2. Урма, уруп согулган. *Сокмо дубал. Сокмо там.*

СОКО *зат.* Жер айдоо үчүн колдонулуучу жазы калак тиштүү айыл чарба шайманы. *Дмитрий чоң ата араба деле жасайт, сөкону деле оңдойт, аттарды такалайт* (Сыдыкбеков). *Төрт тиштүү соко.*

СОКОЛО *этиш.* Жерди соко менен айдоо. *Соко соколоп жүргөн дыйкан.*

СОКСОЙ *этиш.* Сороюп чыгып туруу, бийик, узун болуп көрүнүү. *Олтурган Жолой оксоюп, Олут алып соксоюп* («Манас»).

СОКСОЙТ соксой этишинин аркылуу мамилеси.

СОКСОКТО *этиш.* Соксоң-соксоң этип, анда-мында бир тийип, секирип чуркоо. *Өйдө-төмөн сайгактап, Уйлар качат соксоктоп* («Эр Төштүк»). *Алда кайда оттоп жүргөн кызыл короз өзүнөн өзү соксоктоп уча качып,.. койкоктоп кок-кок этет* (Сыдыкбеков).

СОКСОҢДО *этиш.* Сороңдоп, үрпөңдөп кыймылдоо, жүгүрүү.

СОКСОҢДОО соксоңдо этишинин кыймыл атоочу.

СОКСОҢДОТ соксоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

СОКСОЮУ соксой этишинин кыймыл атоочу.

СОКТУК *этиш.* 1. Тийишүү. *Ал экөө тең бейжайлыгы аркасында Каныбекке көп соктугушат* (Жантөшев).

2. Жолугуу, учуроо. *Жолдо жолдошума соктуга өткүн.*

3. Урунуу, тийүү. *Катуу жел согуп,тоодой толкундар келип, биздин кораблдерге соктугат* (Баялинов).

4. Алпурушуу. [*Кебек карыя*] *жаштайынан бери эмгекке соктуккан, күнгө күйүп, шамалга бышкан* (Байтемиров).

СОКТУР сок этишинин аркылуу мамилеси.

СОКУ *зат.* Данды (арпа, таруу, конок ж. б.) ичине салып, сокбилек менен күйшөө, жанчуу же башка бир нерселерди майдалоо үчүн колдонулуучу жыгач же темирден жасалган ичи оюк үй буюму. [*Берди*] *көмөрүлүп турган сокунун үстүнө бадып отурду* (Жантөшев).

◆ **Соку кант** — чоң-чоң уютулган кант.

СОКУЛА *этиш.* Сокуга салып жанчуу; күйшөө, майдалоо.

СОКУЛАТ сокула этишинин аркылуу мамилеси.

СОКУЛОО сокула этишинин кыймыл атоочу.

СОКУР *сын.* 1. Көрүү жөндөмдүүлүгүнөн ажыраган, көр. *Сокурдун тилегени эки көз* (макал). *Сол көзүңдөн ажырап, Сокур болуп алыпсың* (Токтогул).

2. *өт.* Билими жок, түшүнүгү, сезимдүүлүгү начар, сабатсыз. *Көзү сокурга жолуксаң жолук, көөдөнү сокурга жолукпа* (макал).

3. *өт.* Эч нерсеге негизделбеген, курулай. [*Арстанаалы*] *сокур намыс менен адам иштебес далай жоруктарды баштады* (Сыдыкбеков). *Сокур ишенич. Сокур үмүт.*

◆ **Сокур сезим** — инстинкт. **Сокур тыйын** — пул ордуна жүрбөгөн, жырык тыйын. *Сокур тыйынча пайдасы жок.* **Сокур ийне** — көзү жырылган ийне. **Сокур ичеги** — 1) жоон ичегинин өзүнчө бөлүнө өсүп чыккан туюк учтуу бөлүгү; 2) ушул иче-

гинин сезгенишинен пайда болгон аппендицит оорусу.

СОЛ I *зат.* Чалгы менен жүрүп кеткен айрым жол, сап же эгилген жашылча, бакча өсүмдүктөрүнүн жөөгү, сабы, катары. *Чалгычы аялдар солдун аягына чыгып, кайра тартышты* (Баялинов). *Пияздын солу. Сабиздин солу. Төрт сол калемпир тигилди.*

СОЛ II *сын.* Денеңин жүрөк жаккы тарабына (оңго карама-каршы тарапка) орношкон, ошол тарапта болгон. *Сол жак. Сол кол. Сол көз.*

СОЛГУН *сын.* 1. Ыкчамдыгы жок, чыйрак эмес, бошоң. *Көз байланганда чарчаган буттарын солгун шилтешип [Шарептер] кайра тартышты* (Бейшеналиев). *Ээрде бир аз кыйшык олтуруп, камчыны солгун таштайт* (Сыдыкбеков).

2. Көңүл кош, ыргылжың. *Ишке солгун карсо.*

СОЛДАТ *зат.* Армиянын катардагы аскер кызматкери.

СОЛДАТТЫК *сын.* Солдатка таандык. *Солдаттык тартип. Солдаттык милдет.*

СОЛДОЙ *этиш.* Узун жана эби-сыны жок, колдогой көрүнүштө болуу. *Кароолчу бат эле кайра келип, ордуна солдоюп турду* (Бектенов).

СОЛДОЙТ солдой этишинин аркылуу мамилеси.

СОЛДОЮУ солдой этишинин кыймыл атоочу.

СОЛИСТ *зат.* Өзүнчө партияда соло менен музыкалык чыгармаларды (ырды) же бийди аткаруучу артист, бийчи.

СОЛК: солк этүү — кандайдыр бир күч, таасир аркылуу былк этүү, катуу чайпалууга жетпей кыска термелүү, кыймылдоо. *Дубал солк эте түштү. Чочуп кетип, солк эте түштүм.*

СОЛКУЛДА *этиш.* 1. Солк-солк этип кыймылдоо. *Жылдызым деп бакырып, Тула бою солкулдап, Туралбайт катын токтолуп* («Эр Табылды»). *Дубал солкулдайт.*

2. Ары-бери ийилген, ийилип, кайра түзөлгөн серпилгич, солкулдак абалда болуу. *Чыбык солкулдайт. Солкулдаган ышкын.*

3. *өт.* Толуп турган, жетилген абалда болуу, жетилүү, толуу. *Солкулдаган жигит. Ошондуктан жашарып, солкулдап турган кезегим, Ысык-Көлдөй, Соң-Көлдөй, Толкундап турган кезегим* (Тоголок Молдо).

СОЛКУЛДАК *сын.* Серпилгич, ийилме, былкылдак, солк-солк этме. *Солкулдак араба. Солкулдак керебет. Солкулдак чыбык. Солкулдак ышкын.*

СОЛКУЛДАТ солкулда этишинин аркылуу мамилеси.

СОЛКУЛДОО солкулда этишинин кыймыл атоочу.

СОЛО I *зат.* Бир үн же бир инструмент үчүн жазылган же өзүнчө партияда бир киши аткарган музыкалык чыгарма же бий.

СОЛО II *этиш.* 1. Шыкоо, тыгуу, толтура салуу. *Акең ушул барышта да чөнтөгүнө далайды солоор* (Бейшеналиев).

2. *диал.* Камоо, камап, бекитип коюу. *Козуларды солоп койдук.*

СОЛОГОЙ *сын.* Оң колуна караганда сол колу менен жакшы иштөөгө өнөкөттөнгөн, сол колу оң колдой иштөөгө маш, ийкемдүү. *Сологой киши.*

СОЛОГОЙЛУК *зат.* Сол колу менен иштөөгө өнөкөттөнгөндүк.

СОЛОТ соло этишинин аркылуу мамилеси.

СОЛУ *этиш.* 1. Өсүп, көгөрүп турган кезиндеги жаңылыгын, жаштыгын жоготуу (өсүмдүк жөнүндө). — *Жок, эртеңге калса, көчөттөр солуп калат* (Баялинов). *Солуган гүл. Суу жетпеген эгиндер солуй баштады.*

2. *өт.* Алсыроо, дарманы кетүү. *Солуп жатат дарманы жок, Кээде гана козголот* (Бөкөнбаев).

СОЛУКТА *этиш.* 1. Ичине тарта энтигип, тез-тез дем алуу. *Ысыкта торпоктор сууга келип токтойт, күндүн илеби кайтканча солуктап дем алып, сууган чыкпайт* («Ала-Тоо»).

2. Энтигип, тез-тез дем тартып ыйлоо. *Солуктап ыйлап отурган бала.*

СОЛУКТАТ солукта этишинин аркылуу мамилеси.

СОЛУКТОО солукта этишинин кыймыл атоочу.

СОЛУТ солу этишинин аркылуу мамилеси.

СОЛУУ солу этишинин кыймыл атоочу.

СОЛЧУЛ *сын. саяс.* Сырткы көрүнүшү жагынан радикалдуу, майда буржуазиялык негиздерин революциялык фразалар менен жаап-жашыруучу, оппортунисттик партияны жактоочу.

СОМ I *зат.* Жүз тыйынга барабар акча бирдиги жана акчанын, монетанын ушундай бааны билгизген белгиси. *Бир сом. Жүз сом. Миң сом.*

СОМ II *сын.* Уютуп койгондой, жумуру, чулу. *Сом темир. Сом туяк.*

СОМДО *этиш.* 1. Сом, жумуру, чулу формага келтирүү.

2. Ишгелип бүткөн, аягына чыгарылган формага жеткирбей, бир нерсенин болжолдуу кебетесин берүү, толук бүтө элек турпатын түзүү. *Орус жолдоштордун жардамы аркасында Токтогул балта менен сомдоп, карагайдан комуз жасап алды* (Бөкөнбаев). *Ээр сомдо.*

3. *өт.* Өлтүрүү, жайлоо. *Кармаша чыккан жоо болсо, Кабыланча сомдойбуз* («Манас»). *Атынан айрып калмакты, Ай балта менен сомдоюн* («Эр Табылды»).

СОМДОЛ сомдо этишинин туюк мамилеси.

СОМДОО сомдо этишинин кыймыл атоочу.

СОМДОТ сомдо этишинин аркылуу мамилеси.

СОМО *зат.* Жалпы жону, жалпы жыйынтыгы, болжолу. *Шарип жалпы сөздүн сомосун улап олтуруп, эптеп түшүндү* (Бейшеналиев).

СОМОЛО *этиш.* Жалпылоо, жалпы жыйынтыгын, болжолун берүү же айтуу.

[*Шарип*] *окуу, шаар, келечектеги өлбөс кесип жөнүндө сомолоп бирдемелер айткансыды* (Бейшеналиев). *Сатар сөзүн сомолоп айтты* (Таштемиров).

СОМОЛОО **сомоло** этишинин кыймыл атоочу.

СОМОЛОТ **сомоло** этишинин аркылуу мамилеси.

СОНО I *зат.* Чиркейдин бир түрү.

СОНО II *зат.* 1. Өрдөк, каз, чулдук сыяктуу суу куштарынын жалпы наамы. *Кары билет кааданы, карчыга билет сонону* (макал).

2. Жапайы өрдөктүн бир түрү. *Өрдөктөр үчөө.. Бири соно, бири чүрөк, үчүнчүсү темир канат балапан* (Жантөшев). *Көк ала моюн соно алды* («Манас»).

СОНОР *зат.* 1. Жаңы жааган жаш кар.

2. Жаңы издерди кууп, ушундай карда кылган аңчылык. *Ыбырайым деген аңчыга кошулуп сонорго чыгат* (Каимов). *Сонор кууган аңчыга Кыламык жааган кар жакшы* («Мендирман»).

СОНОРЛО *этиш.* Жаңы жааган карда аңчылыкка чыгуу. *Бөксөгө чыгып сонорлоп, Бөрүнү атып кыйратты* (Тоголок Молдо).

СОНОРЛОО **сонорло** этишинин кыймыл атоочу.

СОНОРЛОТ **сонорло** этишинин аркылуу мамилеси.

СОНУН *сын.* Эң жакшы, мыкты, абдан кооз, сулуу, абдан кызык. *Ай чачырап, жылдыз көп, Ажайып сонун турмуш көп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Эскирип кеттим кошулбай Эмки сонун турмушка* (Токтогул). *Балам, тиктеп карачы, Акбары жандын сонуну* (Токтогул).

СОНУНДА *этиш.* 1. Улам жакшысын, жаңысын, кызыктуусун, сонунун тандоо. *Сонундап-сонундап алды.*

2. Сонун кылуу, мыктылоо, адам кызыгарлык кооз, сулуу абалга келтирүү. *Токтогул өз жанынан кошуп сонундап ырдап черткен* (Бөкөнбаев).

3. Сонун көрүү, кызыгуу, суктануу. *Москва кызык, Мен сонундап баратам, Көңүл учат, Мен сонунду жаратам* (Аалы).

СОНУНДАТ **сонунда** этишинин аркылуу мамилеси.

СОНУНДОО **сонунда** этишинин кыймыл атоочу.

СОНУНДУК *зат.* Сонун көрүнгөндүк, сонун болорлук. *Сонундукка көрүп кел Ак-Сай, Арпа төрүмдү* (Осмонкул).

СОНУРКА *этиш.* Кызыгуу, сонун көрүү. *Көк менен кучакташкан үйлөрүндү, Сонуркап чарчабадым карагандан* (Осмонкул). *Койдун туут учурун сонуркаган балдар дем алыш күнү көп келишет* (Жантөшев).

СОНУРКАТ **сонурка** этишинин аркылуу мамилеси.

СОНУРКОО **сонурка** этишинин кыймыл атоочу.

СОҢ *зат.* Кийин, арт жак, акыры. *Бирдин соңу. Кең Ак-Чийдин боюнда Келе жатат карт буудан, Он эки тулпар соңунда* («Семетей»). *Кыңыр иш кырк жылдан соң да билинет* (макал).

СОҢКУ *сын.* Акыркы, кийинки. *Соңку кездерде Тургундун колунун күчү, көзүнүн курчу кетип, колхоздун коюна өткөн* (Баялинов). *Бул Касейиндин соңку каты болучу* (Сыдыкбеков).

СОО *сын.* 1. Оору эмес, дени сак, таза; майыбы жок. *Дени-карды соо. Буту-колу соо.*

2. Мас эмес, ичкилик ичпеген. *Ыржактайсың жөнү жок, Соо кишини жадатып* (Шүкүрбеков).

3. Жөн, чыр-чатаксыз, балакети жок. *Бул сагызган соо шакылыктап жаткан жери жок* (Жантөшев). *Бул бизди соо койчу неме эмес. Деги бул тумакчан киши соо киши эмес го!* (Сасыкбаев).

◆ **Куландан соо** — дени соо, таза, оорусу жок.

СООГА *зат.* Түшкөн олжодон берилүүчү сыйлык, ыйгарылган шыбага. *Толуп жаткан кийиктен бизге соога бериңиз. Соога, төрөм, соога дейт, Басылды го коога дейт* («Семетей»).

◆ **Жан соога** *к.* **жан I.**

СООГАТ **соога** менен бирдей.

СООДА *зат.* Товарларды сатуу же сатып алуу иши. *Мамлекеттик соода. Ички соода. Тышкы соода. Чекене соода. Дүң соода.*

◆ **Соода-сатык** — сатуу же сатып алуу иши; соода. — *Эмне жумуш менен келдиң эле? Же соода-сатыгың барбы?* (Жантөшев). **Соодасы бүтүү** — иши начарлоо, керектен чыгуу; колунан эчтеме келбей калуу.

СООДАГЕР *зат.* Өз алдынча соода ишин жүргүзгөн адам; сооданы жакшы билген, соода кыла билген. *Алтыга сатып, бешке алган — соодагердин адаты* (макал). *Дыйкандардын карды ток, Соодагерде ысап жок* (Токтогул).

СООДАГЕРЧИЛИК *зат.* Жекече соода ишин жүргүзүү, соода кылуу кесиби. *Эзси кылбаган айланы кылды, Соодагерчилик кылып, Буту жеткен жердин баарын кыдырды* (Борбугулов).

СООДАЛА *этиш.* Соода кылуу, товарларды сатуу, сатып алуу ишин жүргүзүү.

СООДАЛАТ **соодала** этишинин аркылуу мамилеси.

СООДАЛОО **соодала** этишинин кыймыл атоочу.

СООДАЛАШ **соодала** этишинин кош мамилеси.

СООЛ *этиш.* 1. Кайноо, бууланууаркылуу азаюу, бөксөрүү же такыр түгөнүү. *Эт кайнай берип, сорпосу соолуп калыптыр* («Ала-Тоо»).

2. Түгөнүп акбай калуу. *Сугатына бир катар Суук булак соолгон* («Манас»).

3. Жок болуу, түгөнүү, биротоло жугуу үзүлүү, куруу. *Тукуму соолду. Тилеги соолду.*

СООЛТ **соол** 1. этишинин аркылуу мамилеси.

СООЛУК I *зат.* Беш жашка караган кой. *Байгесинин башына Токсон тубар*

бээ сайды, Тогуз жүз соолук кой сайды (Тоголок Молдо). *Короодо коюң эң семиз, Соолугу төлдөйт жылда эгиз* (Барпы).

СООЛУК II: ден соолук *к.* **ден I.**

СООЛУК III *этиш.* 1. Басылуу, жоошуу, тынчуу. *Деп Табылды оолугуп, Ачуусун тыйып соолугуп* («Эр Табылды»). *Ыйлап соолукканча бир топ убакыт өтөт* («Ала-Тоо»).

2. Масы тароо, соо (мас эмес) абалга келүү.

СООЛУУ соол этишинин кыймыл атоочу.

СООП *зат.* Диний түшүнүк боюнча: тиги дүйнөдө өз жан жыргалы, күнөөсүз болуп, бейишке чыгышы үчүн бирөөгө жакшылык кылуу; жардам көрсөтүү же башка диндик максаттар үчүн кызмат көрсөтүү, кудайга жагынуу аракети. *Аныс сооп издесе, Жесир менен жетимге Ондон бирин зекеттин Кайрылышып койбойбу* (Токтогул).

◇ **Сооп болуптур!** — «чала болуптур!» деген мааниде бирөөнү табалоо үчүн айтылат.

СООРОН *этиш.* Ыйлап басылуу, ыйын токтотуу. *Ал ыйлап сооронгонсуп, энтиге түшүп улутунду* (Аалы). *Алооке келет дегенде Ыйлаган бала сооронду* («Манас»).

СООРОНУУ соорон этишинин кыймыл атоочу.

СООРОТ *этиш.* Ыйлагандын ыйын басуу, сооронгудай кылып кайрат айтуу, көңүлүн көтөрүү, ыйдан алаксытуу.

СООРОТУУ соорот этишинин кыймыл атоочу.

СООРУ *зат.* 1. Куймулчак менен эки жамбаштын үстү жак бөлүгү. *Соорусу казандай. Жакып күдүңдөп жаш жылкынын башын, жонун, соорусун сылагылап, бутун кармап көрдү* (Бейшеналиев).

2. Малдын жамбаш менен куймулчак арасындагы териси жана андан жасалган кайыш. *Ат өлгөндө жамандар Соору керек болучу* («Манас»). *Чоң кисе жанда шалпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

◆ **Жер соорусу** — эң жакшы жер, жердин мыктысы. *Бул жарыктык Ысык-Көл, Жер соорусу турбайбы, Жердесе Ногой тунбайбы* («Семетей»). *Арык жок, айдагандын баары чыккан, Москва — соорусу экен бүтүн жердин* (Үсөнбаев).

СООРУЛА *этиш.* Соору чабуу, атты сооруга чаап жүгүртүү, бастыруу. *Атарын соорулап айыл ичине кире келишти* («Чалкан»).

СООРУЛАТ соорула этишинин аркылуу мамилеси.

СООРУЛУУ *сын.* 1. Соорусу чоң.

2. Түшүм бере турган, мыкты, дыйканчылыкка жайлуу (жер жөнүндө). *Көпөстөр кыргыздын соорулуу, сонун жерлерин бүт эзелп алышкандыктан, томаяктар жерсиз кала беришти* (Сасыкбаев).

СООРУНЧУ *зат.* Ашка келген (чакырылган) коноктор.

СООРУСУН *зат. диал.* Сарымсактын өзөгү. *Согону кумда түптөгөн, Соорусун гүлүн ачпаган* (Тоголок Молдо).

СООТ *зат.* Октон же башка куралдан сактай турган, калканч болгон жоо кийими. *Соот кийип чыңданып, Кара боюн тыңданып* («Манас»).

СОП *сырд.* Кошко, арабага чегилген өгүздөрдү айдоо үчүн колдонулат. *Чаң чыгат темир соко жүрүп кетсе, Абамдын үнү угулат «соп-соп» деген* (Маликов).

◆ **Соп камчы** — өгүз айдай турган узун чоң камчы, шапалак.

СОПКЕЛДИ *зат. обл.* Тамыры тамакка жумшалуучу жапайы өсүмдүк.

СОПОЛ *сын.* Кыска, чолок. *Жалгыз аты жардынын Куйругу сопол, өңү көк* (Тоголок Молдо). *Сопол куйрук келген чоң сур атка минген адам көрүндү* (Сыдыкбеков).

СОПУ *зат. дин.* 1. Диндик-мистикалык окуунун жактоочусу, дин кызматкери. *Сопу согон жебейт, жесе кабыгын да койбойт* (макал).

2. Такыба, дин эрежелерин бек кармаган динчил. *Тиги сопу өмүрү ачкыл ичпеген эле, — деп Эшкулду көрсөттү* (Бейшеналиев).

3. Азан чакыруучу мечит кызматкери. *Сопунун көөнү азанда, Соргоктун көөнү казанда* (Токтогул). *Чоң мечит тараптан азан чакырган сопунун үнү угулду* (Жантөшев).

4. Теспедеги чоң шуру. *Сопусу алтын шуру теспе.*

СОПУСУН *этиш.* Такыбасынуу, дин эрежелерин бек кармаган сыяктануу. *Сопусунган молдонун үйүнөн жети камандын башы чыгыптыр* (макал).

СОПУСУНТ сопусун этишинин аркылуу мамилеси.

СОПУСУНУУ сопусун этишинин кыймыл атоочу.

СОР *этиш.* 1. Тил менен эриндердин аракети аркылуу ичти карай катуу кысып оп тартуу, эмүү, шимүү. *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев). *Ийип турат ак эмчек, Балкылдатып сор, балам!* (Токобаев). *Папиросун кайра-кайра соруп, колунан түшүрбөйт* («Ала-Тоо»).

2. Жутуу, ичүү. *Чегирткенин алын көр да, канын сор* (макал). *Чиркейи да чагат, Көгөнү да кан сорот* (Аалы).

3. Суюктукту (мис., сууну) сиңирип алуу, боюна тартуу. *Топурак сууну тез соруп алат. Сыя соро турган соргуч кагаз.*

◆ **Канын соруу** — аябай эзүү, запкы көрсөтүп, ырайымсыздык кылуу. *Эшен, калпа, бай-манап Элдин канын соргонун* (Токтогул). **Тиштин кирин соруу** *к.* **кир I.**

СОРАТНИК *зат.* Ишмердүүлүк көрсөтүү, бирге иштешүү жагынан жолдош, бири-бирине дос.

СОРГОК *сын.* Тамакты көп ичкен, опкок, обору ач. *Соргокко чоң аягыңды көрсөтпө* (макал). *Манапты эзэрчип эт жеген, Мадырайган соргогум* (Токтогул). *Сопунун көөнү азанда, Соргоктун көөнү казанда* (Токтогул).

СОРДУР сор этишинин аркылуу мамилеси.

СОРГУЧ *зат.* Суюктукту өзүнө тартып, соруп алуучу зат. *Сыя соргуч.*

СОРМО *зат.* Үстүнөн өткөн, баскан адамды же жаныбарларды тартып кетүүчү батканктуу, саздуу жер.

СОРОГОЙ *сын.* Соройгон, сороюп чыгып турган.

СОРОЙ *этиш.* Уркуюп, сорогой тартып чыгып туруу. *Там үйдүн төбөсүндө сороюп чыккан кернейи бар* («Ала-Тоо»). *Бектурдун ак үйүнүн чамгарагынан эки бакандын учу сороёт* (Сыдыкбеков).

СОРОК сороң менен бирдей.

СОРОКТО сороңдо менен бирдей.

СОРОҢ: сороң-сороң этүү — сороңдоп, өйдө-ылдый болуп кыймылдоо.

СОРОҢДО *этиш.* Сороң-сороң этүү, өйдө -ылдый болуп кыймылдоо.

СОРОҢДОО сороңдо этишинин кыймыл атоочу.

СОРОҢДОТ сороңдо этишинин аркылуу мамилеси.

СОРПО *зат.* Кайнатып бышырылган эттин шырпеси, чыгы. *Ошол учурда эт бышып, сорпо куюлуп, башка сөзгө кирип кетишти* (Сасыкбаев).

◆ **Сорпо-шилең** — эттүү, эт катыкталган тамак. *Кырманчыларга сорпо-шилең беремин деп председатель тоодогу малга чыгып кеткен* (Баялинов). **Моюнуна сорпо төгүлүү** — айласы кетип, шору катып калуу, башына кыйынчылык түшүү.

СОРТ *зат.* 1. Товардын сапатына, баасына карай белгиленген разряды, категориясы. *Биринчи сорттогу грузин чайы.*

2. Чарбалык жактан кандайдыр бир баалуу өзгөчөлүккө ээ болгон маданий өсүмдүктүн түрлөрү. *Алманын эрте бышуучу сорту. Буудайдын курагакчылыкка туруштук берүүчү жаңы сорту.*

СОРТТО *этиш.* Сортко бөлүү. *Жүндү сорттоп капка салып ылгашты, Кеспей кыркkан эпкиндүүсүн сындашты* (Осмонкул).

СОРТТОО сортто этишинин кыймыл атоочу.

СОРТТОТ сортто этишинин аркылуу мамилеси.

СОРТТУУ *сын.* Сорту жакшы, жогорку сорттогу. *Сорттуу алма. Сорттуу дан.*

СОРУГУУ сорук этишинин кыймыл атоочу.

СОРУК *этиш.* Сорулуп, бир аз кургай баштоо, тоборсуй түшүү, сиңип кетүү. *Суусу соруга түшсүн. Кардын суусу сорукту.*

СОРУКТУР сорук этишинин аркылуу мамилеси.

СОРУЛ сор этишинин туюк мамилеси.

СОРУУ сор этишинин кыймыл атоочу.

СОСТАВ *зат.* 1. Татаал бирикмелерден турган бүтүндү түзүүчү бөлүктөрдүн жыйындысы. *Коомдун таптык составы. Республиканын калкынын составы. Тилдин сөздүк составы.*

2. Белгилүү бир коллективди, уюмду, категорияны түзүүчү адамдар. *Комиссиянын составы. Партиялык комитеттин составы.*

3. Ар түрдүү элементтерден, заттардан түзүлгөн бирикме. *Дарынын составдары.*

4. Бири-бирине чиркелген темир жол вагондорунун тутуму. *Товардык состав. Пассажирдик состав. Составында отузкырктай вагондору бар паровоз ийрилип, бирде жылгага кирсе, бирде коктуну кесип өтөт* (Сасыкбаев).

СОТ *зат.* 1. Граждандык чыр-чатак, талаш-тартышты чече турган жана ар кандай кылмыш иштерин карай турган мамлекеттик орган. *Элдик сот. Сот өкүмү.*

2. Ушундай орган тарабынан кылмыш иштерин же башка маселелерди кароо процесси, анын заседаниеси. *Ачык сот. Сот заседаниеси.*

3. *сүйл.* Судья. *Сот болуп иштеген адам.*

СОТО *зат.* Жүгөрүнүн мардек менен бирге алган даны. *Сотолору менен кошо ачытылган жүгөрү силосу. Жүгөрү сото байлады.*

СОТТО *этиш.* Сот кылуу, сот жообуна тартуу, кылмыштуу иштерди сот процессинде кароо, кылмыштуунун өкүм чыгарып кесүү. *Турпандан келген качкынды Тургузбай айдап соттоду* (Тоголок Молдо).

СОТТОЛ сотто этишинин туюк мамилеси.

СОТТО сотто этишининн кыймыл атоочу.

СОТТОТ сотто этишинин аркылуу мамилеси.

СОТТОШ *этиш.* Өз ара чечише албаган чырлуу маселени соттун кийлигишүүсүнө коюу, бирин-бири сот жообуна тарттыруу.

СОТТОШТУР соттош этишинин аркылуу мамилеси.

СОТТОШУ соттош этишинин кыймыл атоочу.

СОЦИАЛДЫК *сын.* 1. Коомдук, элдик, коомдогу элдин мамилелерине, таптык жиктөөлөргө ж. б. таандык болгон. *Социалдык өөрө. Социалдык абал. Социалдык карама-каршылык.*

2. Коомдун өндүрүштүк мамилелерине революциялык мүнөздө өзгөрүү киргизген же ушундай аракетте, максатта болгон. *Социалдык революция. Социалдык күрөш . Социалдык көнтөрүш.*

СОЦИАЛИЗМ *зат.* 1. Пролетардык революциянын жеңиши аркылуу буржуазиянын үстөмдүгүн кулатып, пролетариаттын диктатурасын орнотуп жана эзүүчү таптарды жоюунун натыйжасында түзүлгөн, өндүрүш каражаттарын коомдук менчикке өткөрүү жана «ар кимден жөндөмдүүлүгүнө жараша, ар кимге эмгегине жараша» деген принципти ишке ашыруу өндүрүштүк мамилелердин негизи болуп эсептелген мамлекеттик жана коомдук түзүлүш; коммунизмдин биринчи фазасы.

2. Социалисттик коомду куруу жөнүндөгү илим, окуу. *Илимий социализм.*

СОЦИАЛИСТ *зат.* 1. Социализмди (2-маанисинде) жактоочу, жолун жолдоочу.

2. Социалисттик партиянын мүчөсү.

СОЦИАЛИСТТИК *сын.* 1. Социализмге (1-маанисинде) таандык; коомду социа-

лизм принциптерине ылайык өзгөртүү, кайра куруу максатын көздөгөн. *Социалисттик система. Социалисттик революция.*

2. Социализмдин принциптерине негизделген, ушул принциптерге ылайык келген, социализмдин идеяларына сугарылган. *Социалисттик коом. Социалисттик экономика. Социалисттик аң-сезим. Эмгекке социалисттик мамиле кылуу.*

СОЧИНЕНИЕ *зат.* Окуучулар белгилүү бир тема боюнча өзүнүн оюн, пикирин адабий тилде туура, эрежеге ылайык жазып баяндоо үчүн жүргүзүлүүчү жазуу иши. *Эртең саат ондо кыргыз тилинен сочинение жазасыздар* (Бейшеналиев).

СОЮЗ *зат.* 1. Жеке адамдардын, коомдук группалардын, таптардын тыгыз биргиги, байланышы. *Жумушчу табы менен эмгекчи дыйкандардын массаларынын союзу.*

2. Мамлекеттердин, ар кандай уюмдардын белгилүү бир максат, биргелешкен жалпы аракет үчүн түзүлгөн келишими. *Согуштук союз. Дипломатиялык союз.*

3. Ар түрдүү уруунун, уруктун, калктардын, мамлекеттердин биригишинен түзүлүп, бардыгына бирдей болгон жогорку бийликке баш ийген малекеттик бирикме. *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу, Австралиялык союз. Уруу союзу.*

4. Коомдук уюм. *Профессионалдык союз. Бүткүл Союздук Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзу. Жазуучулар союзу.*

СОЮЗДАШ *сын.* Белгилүү бир союзда турган, өз ара союз түзүшкөн.

СОЮЗДУК *сын.* Союзга таандык.

СОЮЛ I *зат.* Чабуу, уруу үчүн колдонулуучу жоон жыгач таяк. *Колдорунда суу талдан кыркkан көк союл* (Сыдыкбеков). *Бакан, союл карс-карс, Баш жарылып тарс-тарс* (Тоголок Молдо). *Союл тийип башына, Суу ордуна кан аккан* (Токтогул).

СОЮЛ II сой этишинин туюк мамилеси.

СОЮУ сой этишинин кыймыл атоочу.

СОЮШ I *зат.* Союуга жарамдуу, союла турган мал. *Союшка берген атың жок, Йзат кылган жайың жок* («Семетей»). *Менин силерге салакам тийген эмес, мен барсам, ортон колдой союшумду ала баруучумун* (Байтемиров).

СОЮШ II сой этишинин кош мамилеси.

СОЯ *зат.* Даны тамак-аш өнөр жайында (май, сүт, ун ж. б. алуу үчүн) жана техникалык максатта колдонулуучу чанактуу өсүмдүктөр түркүмүнө кирүүчү өсүмдүк.

СӨГҮН *этиш.* Тилдөө, кагып-сөгүп урушуу.

СӨГҮНТ сөгүн этишинин аркылуу мамилеси.

СӨГҮНҮҮ сөгүн этишинин кыймыл атоочу.

СӨГҮЛ сөк II этишинин туюк мамилеси.

СӨГҮҮ сөк этишинин кыймыл атоочу.

СӨГҮШ I *зат.* Жүрүш-турушу же башка жоопкерчилиги үчүн берилген жаза, чара.

СӨГҮШ II сөк II этишинин кош мамилеси.

СӨГҮШ III *этиш.* Бирин-бири сөгүү, тилдешүү, боктошуу, жаман-жакшы айтышуу.

СӨЗ *зат.* 1. Речтин айрым бир түшүнүктү, объективдүү дүйнөнүн кубулушу жөнүндө тыбыштар аркылуу билдире турган единицасы. *Сөздүн мааниси. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби.*

2. Речь, кеп. *Сабырдын сөзүнө балдар алакан чабышты* (Сыдыкбеков). *Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт* (макал). *Карынын сөзүн капка сал* (макал).

◆ **Сөзмө-сөз** — айтылгандай, жазылгандай, эч өзгертүүсүз. **Сөзгө аларлык** — сөз кылууга арзырлык, көңүл бөлөрлүк. **Сөзү эки болбоо** — убададан танбоо, айтканын орундатуу. **Сөзгө кирбөө** — башка бирөөнүн азгыруусуна көнбөө, бирөөнүн таасирине өтпөө. **Сөз берүү** — убада берүү, убада кылышуу. **Сөзгө конок берүү** — сөздү жула качпай же өзү эле сүйлөй бербей, башкалардын сөзүн да угуу, кезек менен сүйлөө.—*Жолдош бригадир, сөзгө конок бериңиз, имишке ишенбей эле коюңуз* (Таштемиров). **Басма сөз** — басылып чыккан же чыгарыла турган чыгармалардын же башка материалдардын жалпы жыйындысы, басма, басып чыгаруу иштери. **Кара сөз** — чыгарманын ыр түрүндө эмес, жөнүнчө, кадыресе сүйлөө түрүндөгү формасы же анын тили. **Жарыш сөз** — жыйналышта, конференцияда ж. б. коюлган маселени талкуулоо, пикир алышуу иретинде сүйлөнгөн сөз.

СӨЗДӨ сүйлө менен бирдей.

СӨЗДҮК *зат.* Алфавит тартибине келтирилип, мааниси түшүндүрүлгөн же башка тилге которулган сөздөрдүн тизмеси берилген китеп. *Кыргызча-орусча сөздүк. Орусча-кыргызча сөздүк. Түшүндүрмө сөздүк.*

СӨЗМӨР *сын.* Чечен, сөзгө мыкты, жакшы сүйлөй билген. *Болочок акындын энеси Бурма дагы ары сөзмөр, ары жомокчу аялдардан эле* («Ала-Тоо»).

СӨЗСҮЗ *мод.* Айтылуучу ойду бекемдөө, ырастоо маанисинде колдонулат.

СӨЙКӨ I *зат.* Кооздук үчүн аялдар кулактын көнчөгүнө илүүчү нерсе. *Салынган алтын сөйкөсүн Журтуна таштап кетиптир* («Эр Төштүк»). *Күмүш сөйкө сагагында дирилдейт* («Ала-Тоо»).

◆ **Сөйкө салуу** — келиндикке алууга убадалашкан кыздын кулагына жакшы ниет менен сөйкө салып, кудалашкандыкты , бүлө кылып алууга макулдашкандыкты билгизүү. *Сөйкө салар жан ошол, Сырттан балаң Төштүккө Алып берер бала ошол* («Эр Төштүк»).

СӨЙКӨ II *этиш.* Сүрүү, ышкуу, жышуу. *Аттар бышкыра, ылаалап тура калып, жаактарын буттарына сөйкөйт* (Жантөшев).

СӨЙКӨН *этиш.* 1. **сөйкө** этишинин өздүк мамилеси.

2. *өт.* **Тийишүү, тийиштик кылуу.** *Сугатка барабыз! — деп, Каныш тиги баш*

көтөрбөй жаткан келинге сөйкөнө баштады (Убукеев).

СӨЙКӨНТ сөйкөн этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЙКӨНҮҮ сөйкөн этишинин кыймыл атоочу.

СӨК I *этиш.* Тилдөө, боктоо, жаман сөз айтып тил тийгизүү.

СӨК II *этиш.* 1. Тигишти ыдыратуу, ажыратуу.

2. Кабыргаларды ыдыратып омуруу. *Манек жаңы союлган койдун кабыргасын сөгүп жаткан* («Ала-Тоо»).

СӨКСӨӨЛ *зат.* Орто Азиянын чөлүндө бадал сыяктуу өсүүчү, отун катарында колдонулуучу жыгач.

СӨКТҮР сөк этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЛБҮРӨ *этиш.* Илмийип, начар болуп туруу. *Анын кебетеси ушул иңир талашта ого бетер сөлбүрөп көлөкө сыяктанып көрүндү* (Байтемиров).

СӨЛБҮРӨӨ сөлбүрө этишинин кыймыл атоочу.

СӨЛБҮРӨТ сөлбүрө этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЛДӨЙ *этиш.* Көрксүз, дөлдөгөй, кыймыл-аракети бош, кашаң көрүнүштө болуу.

СӨЛДӨЙТ сөлдөй этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЛДӨЙҮҮ сөлдөй этишинин кыймыл атоочу.

СӨЛДҮРӨ *этиш.* Илең-салаң болуу, илкип-калкып, жүүнү бош көрүнүү. [*Көкө*] *бечара сөлдүрөң басып, ички бөлмөнүн каалгасына жакын барып, абайлап тыңшады* (Касымбеков).

СӨЛДҮРӨӨ сөлдүрө этишинин кыймыл атоочу.

СӨЛДҮРӨТ сөлдүрө этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЛКӨБАЙ *зат. эс.* 1. Бир сомдук же элүү тыйындык күмүш монета.

2. Ушундай монетадан жасалып, кооздук үчүн аялдардын чач үчтугуна тагуучу буюм.

СӨЛӨКӨТ *зат.* Кебете, бир нерсенин сырткы көрүнүшү.

СӨЛПӨЙ сөлпүй менен бирдей.

СӨЛПӨР *зат.* Чокмор сыяктуу таяк. *Дал тийсе четин сөлпөр болбой кырсык, Бөрүнүн талуу жери кара тумшук* (Аалы).

СӨЛПҮ *сын.* Бир жагына оодук, сөлпүйгөн, туура түзүлүштө, формада эмес (тегерек, тоголок нерсе жөнүндө). *Башы сөлпү. Алкак бир жагына сөлпү болуп жасалган экен.*

СӨЛПҮЙ *этиш.* Сөлпү көрүнүштө, туура эмес түзүлүштө, формада болуу. *Башы бир жагына сөлпүйүп турат.*

СӨЛПҮЙТ сөлпүй этишинин аркылуу мамилеси.

СӨЛПҮЙҮҮ сөлпүй этишинин кыймыл атоочу.

СӨЛПҮК *сын.* Сөлпүйгөн, көрүнүшү сөлпү, түз эмес.

СӨЛТҮК: сөзгө сөлтүк болуу — кепке-сөзгө калуу, уят болуу. *Сөзгө сөлтүк болгудай иш кылбагыла.*

СӨМӨКӨЙ сөмөй менен бирдей.

СӨҢГӨК *зат.* Өсүмдүктөрдүн бутактар, жалбырактар таралып чыгуучу сабагы. *Капустанын сөңгөгү. Күн карамакын сөңгөгү.*

СӨӨДҮРӨ дөодүрө менен бирдей.

СӨӨК *зат.* 1. Омурткалуу жаныбарлардын, адамдын скелетинин бөлүктөрүн түзүүчү катуу зат. *Пилдин сөөгү. Кишинин сөөгү. Малдын сөөгү.*

2. Айрым жемиштердин данегин каптаган катуу кабыгы. *Өрүктүн сөөгү. Алчанын сөөгү.*

3. Теги, негизи, тукуму. *Сөөгү таза мал. Кыргыз жылкысы, сөөгү ушак болгон менен, чаалыкпас тукумдан* (Сыдыкбеков). *Айсалкын адамдын асылы, сөөгү таза жан* («Ала-Тоо»).

4. Өлүк. *Калтабай сөөктү үйүнө эки түнөттү, эки күнү конок күттү* (Аалы). *Егордун сөөгүн мүрзөгө койгондо Ашыр да катышты* (Сасыкбаев).

5. Кудалык жактан болгон тууганчылык, жакындык. *Дос айрылат, сөөк кайрылат* (макал). *Сөөк болушуу.*

◆ **Сөөгү агаруу** — 1) семирүү, эттенүү; эс алуу, тыныгуу. *Сөөгү агарсын Алгара, Көп минилди жаныбар* («Семетей»). *Атыңды жайлоого чыгарып, сөөгүн агартып ал*; 2) ыраазы болуу. *Сөөгүм силерден агарды.* **Сөөктөн өтүү; сөөккө батуу** — жанга батуу, көкөйгө тийүү, көңүлү калуу. **Сай-сөөгү сыздоо** — кейүү, кейиште калуу, күйүнүү. **Сөөк өчтүү** — эскиден бери кас, жылдызы каршы, өчү бар. **Ак сөөк** — аристократ, теги, атабабасы «жогорку» таптан болгон, жөнөкөй, карапайым элден аристократтыгы жагынан өзгөчөлөнгөн. **Ыргыткан сөөк башына тийбеген** — түгү жок, жакырланган, каңгырап бош калган, сандалган, арып-ачкан. **Сөөгүн сөпөт кылуу** *к.* **сөпөт. Сөөгүнө сиңүү** — адат, өнөкөт болуп калуу. *Омор байыртан сөөгүнө сиңген адаттарын таштай элек* (Сыдыкбеков).

СӨӨКТӨ *этиш.* Сөөгү какшап, сыздап ооруу. *Буту-колум сөөктөп ооруйт.*

СӨӨКТӨТ сөөктө этишинин аркылуу мамилеси.

СӨӨКТӨШ *этиш.* Кудалашуу, куда болушуу. *Үлгү болуп кийинге Сөөктөшүп койсо деп* («Эр Табылды»).

СӨӨКТӨШТҮР сөөктөш этишинин аркылуу мамилеси.

СӨӨКТӨШҮҮ сөөктөш этишинин кыймыл атоочу.

СӨӨКТҮҮ *сын.* Сөөгү чоң, сөөк-саактуу, москоол.

СӨӨЛ *зат.* Териге чыккан чор сыяктуу кичинекей өсүндү. *Перинин кызы Айсалкын Касиеттүү жан экен, Эрдинде сөөлү капкара, Тилинде мөөрү бар экен* («Эр Төштүк»).

◆ **Таңдайында же тилинде сөөлү бар** — сүйлөгөн сөзү сыйкырлуу, таасирлүү. *Бал тилиңди салганда, Таш да болсо эрит-*

кен Таңдайда сөөлүң бар экен («Эр Табылды»).

СӨӨЛЖАН *зат.* Нымдуу топуракта болуучу, көбүнчө жаандан кийин жер үстүнө чыгып калуучу, чубалжып сойлоочу кызгылтым курт.

СӨӨЛӨТ *зат.* Жакшы атак-данк; дөөлөт, салтанат, шан. *Ал сөөлөтүмду балдар көрсө деп толкундадым* («Ала-Тоо»). *Төбөдөн нуру жаркырап, Сөөлөткө толгон чар тарап* (Бөкөнбаев). *Бул Москванын сөөлөтү Таңыркатты өзүмдү* (Маликов).

СӨӨЛӨТТҮҮ *сын.* Сөөлөтү бар, дөөлөттүү, салтанаттуу, даңазалуу. *Сөөлөттүү абышкалар пайгамбардай тунжурайт, жер чукулап, башын албайт* (Абдыраманов). *Сүйүнчү, жаным, сүйүнчү, Душманга болсун күйүнчү, Сөөлөттүү кийим кийинчи* («Семетей»).

СӨӨМ *зат.* 1. Сөөмөй менен бармакты жазып жибергендеги аралык, өлчөм. *Ченин ченеп тургамын, Алты сөөм төрт эли* («Манас»).

2. *өт.* Анча-мынча, бир аз. *Даражасы сөөм бийигирээк* (Бейшеналиев).

СӨӨМӨЙ *зат.* Бармак менен ортондун ортосундагы манжа. [*Александров*] *сөөмөйү менен ортонун төш чөнтөгүнө салып, кагаз сууруп чыкты* (Жантөшев).

СӨПӨТ: сөөгү сөпөт болуу — жок болуу, чирип жоголуу; **сөөгүн сөпөт кылуу** — жоготуу, жок кылуу.

СӨРӨЙ *жанд.* Башка сөздөр менен айкалышып, мыскылдоо, кемсинтүү, теңсинбөө маанисин берүүчү сөз. *Эсиңе акын сөрөй келгендирсиң, Жаныңдын таттуулугун билгендирсиң* (Шимеев). *Бул акт сөрөй да* (Байтемиров). *Актив сөрөй.*

СПАРТАКИАДА *зат.* Спорттун ар кыл түрлөрү боюнча өткөрүлүүчү массалык спорт мелдеши. *Мектеп окуучуларынын спартакиадасы. Улуттук оюндардын спартакиадасы.*

СПЕКТАКЛЬ *зат.* Театр сахнасына ылайыкталган, театрда көрсөтүлүүчү оюн. *«Айчүрөк», «Ажал ордуна» жана «Алтын кыз» спектаклдери.*

СПЕКУЛЯНТ *зат.* Пайда чыгарууну көздөгөн алып сатар, кызыл кулак.

СПЕКУЛЯЦИЯ *зат.* Алып сатарлык, кызыл кулактык.

СПЕЦИАЛИСТ *зат.* 1. Адис, илимдин, техниканын же эл чарбасынын бир тармагы боюнча атайын билими, адистиги бар адам. *Айыл чарбачылыгы боюнча иштеген специалисттер.*

2. Билгич, иштин жөнүн билген, бир ишти мыкты иштей алган киши. *Палоо басуу, мантуу түйүү жагынан чоң специалистмин* (Бейшеналиев).

СПЕЦИФИКА *зат.* Бир нерсеге гана таандык болгон өзгөчөлүк, касиет, башкалардан айырмалап, өзгөчөлөнүп туруучу белгилер, көрүнүштөр. *..Искусстванын спецификасы. Илимий иштердин спецификасы.*

СПИДОМЕТР *зат.* Автомобилде, мотоциклде жүрүү ылдамдыгын жана канча жол жүргөндүгүн көрсөтүп туруучу прибор.

СПИРАЛЬ *зат.* Электр плиткасынын же электр тогу менен күйүүчү башка приборлордун буралган, толгонгон формадагы жана ток аркылуу кызарып күйүүчү сымы.

СПИРТ *зат.* 1. Канты жана крахмалы көп, мол болгон заттардан атайын жолдор менен алына турган, мас кылуучу жана күйүп кетүүчү сапаты бар суюктук.

2. *хим.* Составында водород атому менен кислород атомунун кошундусу бар бир катар органикалык кошундулардын аты. *Жыгач спирти.*

◇ **Спирт болуп калуу** — ачытылган ичимдик куйкаланган сыяктуу күчтүү, ачуу болуп чыгуу. *Тим эле спирт болуп калыптыр* (Байтемиров).

СПОРТ *зат.* Организмди чыңоо максатында жүргүзүлүүчү көнүгүүлөр, машыгуулар (гимнастика, күрөш, туризм ж. б.). *Ат спорту. Сууда сүзүү спорту. Мылтык атуу спорту.*

СПОРТСМЕН *зат.* Системалуу түрдө спорттук көнүгүүлөрдү жасап жүргөн же спортту кесип кылып алган киши. *Спортсмендердин карамагында стадион.. волейболдук жана баскетболдук аянтчалар, сүзүү бассейни болот* («Коммунист»).

СПОРТТУК *сын.* Спортко таандык. *Спорттук мелдеш. Спорттук оюндар.*

СПРАВКА *зат.* 1. Бир нерсе жөнүндө билдирилген маалымат, кабар.

2. Бирөө жөнүндө же бир нерсе жөнүндө кыскача маалымат берген документ.

СПРАВОЧНИК *зат.* Кандайдыр бир маселе боюнча кыскача маалыматтар берилген китеп. *Телефон справочниги.*

СРОК *зат.* Бир нерсени аткаруу, бүтүрүү же башка максаттар үчүн чектелген, белгиленген убакыт аралыгы, мөөнөт. *Срогум бүткөнчө мен жолоочумун* (Сыдыкбеков). *Экзамендерди өткөрүү срогу. Бир жылдык срок.*

СТАДИОН *зат.* Спорттук машыгуулар жана оюндар үчүн илайыкталган футбол талаасы, аянтчалары жана чуркай турган жолдору бар, көрүүчүлөр үчүн тегерете трибуна орнотулган жай. *«Спартак» стадиону. Шаардык стадион.*

СТАДИЯ *зат.* Кандайдыр бир өнүгүүнүн же бир нерсенин өнүгүшүнүн сапаты жагынан өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар этабы, баскычы же мезгили. *Империализм — капитализмдин өнүгүшүнүн жогорку жана акыркы стадиясы.*

СТАДИЯЛЫК *сын.* Стадияга таандык, стадия боюнча. *Стадиялык өрчүү теориясы жаңы сорторду түзүүгө жардам берет.*

СТАЖ *зат.* Кызмат иштөө, эмгектенүү жана кандайдыр бир уюмга мүчө болуу мөөнөтү, мезгили. *Мугалимдик стаж. Комсомолдук стаж. Партиялык стаж.*

СТАКАН *зат.* Суюк нерсе куюп ичүү үчүн колдонулуучу цилиндр формасындагы туткасы жок айнек идиш.

СТАНДАРТ *зат.* Көлөмү, формасы,

сапаты жагынан бирдей болгон типтүү үлгү.

СТАНДАРТТУУ *сын.* Стандарт боюнча иштелген, стандартка салынган. *Колхозчулардын көпчүлүгү жаңы стандарттуу үйлөргө киришти* («Советтик Кыргызстан»).

СТАНИЦА *зат.* Кубандагы, Дондогу жана кээ бир башка областтардагы казактар (казак орустар) орношкон чоң кыштак. *Кубандык станицалар. Дондогу казак станицалары. Вешенская станицасы.*

СТАНОК *зат.* Металлды, жыгачты жана башка материалдарды иштетүү, бир нерсени жасоо үчүн ылайыкталган машина, жасалга. *Бир станокто сом темирди көзөп жатса, дагы бирөөндө килейген курч болотту жылмалап жатат* (Турусбеков). *Бектурдун бригадасында 19 токуу станогу бар* (Сасыкбаев).

СТАНЦИЯ *зат.* 1. Темир жол поезддеринин жана белгилүү бир маршрут боюнча жүрүүчү башка транспорттордун түрлөрүнүн токтоочу жери. *Катуу келе жаткан поезд станцияга жетип токтоду* (Сасыкбаев).

2. Белгилүү бир территорияда кандайдыр бир кызмат жагын тейлөөчү же изилдөө жумуштарын жүргүзүүчү атайын мекеме, аппарат. *Телефондук станция. Республикалык кан куюу станциясы. Метеорологиялык станция.*

СТАРОСТА *зат.* Класста, кружок иштеринде тартип же башка жол-жоболорду так орундатуу, жөнгө салуу жагын тейлеп туруучу окуучулар арасынан шайланган же дайындалган башчы.

СТАРТ *зат.* 1. Спорттук мелдештин кандайдыр бир аралыкты өтүү алдындагы алгачкы учуру, моменти, башталышы. *Желегин булгап алга старт берди* (Үмөталиев).

2. Жарыш башталуучу жер, учуучу аппараттын учуп чыгуу алдындагы алган орду, чеги. *Самолёт кызыл сызыкка барып стартка турду* («Советтик Кыргызстан»).

СТАРШИНА *зат.* 1. Советтик Армиянын жана Согуш-Деңиз флотунун кенже начальниктик составындагы жогорку наам жана ушундай наамы бар аскер кызматкери.

2. **старчын** менен бирдей.

СТАРЧЫН *зат. тар.* Революцияга чейинки белгилүү бир айылды, урууну башкарып, иштерин тескеп туруу үчүн шайланган адам. *Конуп жаткандар жалаң эле старчын, жасоол сыяктуу өңкөй ченден чыккан бейбаштар* (Элебаев).

СТАТИСТИКА *зат.* 1. Коомдун, эл чарбасынын өнүгүшүндөгү сан жагынан болгон өзгөрүүлөрдү изилдеп үйрөнүүчү илим.

2. Ушул илимдин методдорун колдонуп, эл чарбасынын, коомдук турмуштун кандайдыр бир тармагы боюнча учётко алуу, ошол учёттун маалыматтары.

СТАТИСТИКАЛЫК *сын.* Статистикага таандык. *Статистикалык маалыматтар. Статистикалык таблицалар.*

СТАТУЯ *зат.* Адамдын же айбандардын фигурасынын скульптуралык сүрөтү, тулкусу. *Мрамордон жасалган статуя. Коло статуя.*

СТАТЬЯ *зат.* 1. Кандайдыр бир документтин, финансалык иш кагаздарынын айрым-айрым берилген бөлүмдөрү, параграфтары. *Закондун статьялары. Сметанын кириш, чыгыш статьялары.*

2. Макала.

СТАХАНОВДУК *сын.* Стахановчуга таандык. *Эмгектин стахановдук методу. Стахановдук бригадалар. Стахановдук кыймыл.*

СТАХАНОВЧУ *зат.* Жаңы техникалык куралдарды чыгармачылык менен пайдаланып, социалисттик мелдеште иштөө нормасын бир кыйла ашык орундаткан алдынкы жумушчу, колхозчу (30—40-жылдарда СССРде кеңири тараган наам). *Москвага мал багуучу стахановчулардын биринчи кеңешмесине делегат болуп шайландым* (Баялинов).

СТАЧКА *зат.* Уюшкандык менен массалык түрдө иштебей коюу, забастовка.

СТАЧКАЧЫ *зат.* Стачкага катышкан киши.

СТВОЛ *зат.* 1. Атылуучу куралдын түтүк өңдөнгөн ок чыгуучу бөлүгү. *Автоматтын стволу. Мылтыктын стволу.*

2. Шахтынын сыртка чыга турган тике же жантык болуп кеткен бөлүгү. *Баары коркуп [Осипти] стволду көздөй көтөрүп жөнөштү* (Сасыкбаев). *Ашыр менен Андрей стволдо иштеп жатышкан шахтёрлорду көздөй бурулушту* (Сасыкбаев).

СТЕНД *зат.* Көрсөтүү үчүн бетине экспонаттар коюлган такта.

СТЕНОГРАММА *зат.* Стенографиянын жардамы менен жазылган жазуу, жазылып алынган текст. *Докладдын стенограммасы. Лекциянын стенограммасы.*

СТЕНОГРАФИСТ *зат.* Стенографияны колдонуп жазуучу адис.

СТЕНОГРАФИЯ *зат.* Оозеки айтылган сөздү атайын белгилердин, сөздөрдү кыскартып берүү ыкмаларынын жардамы менен тез жазуу жолу.

СТИЛИСТИКА *зат.* 1. Речтин стили жөнүндөгү окуу.

2. *ад.* Көркөм чыгарманын өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин изилдөөчү адабияттык теориянын бир бөлүмү.

СТИЛИСТИКАЛЫК *сын.* Стилистикага таандык. *Поэманын стилистикалык өзгөчөлүгү.*

СТИЛЬ *зат.* 1. Белгилүү бир замандагы искусствонун, багыттын же художниктин идеялык, мазмун жана көркөмдүк формага карата болгон мамилесин мүнөздөөчү белгилердин жыйындысы. *Бардыгы тең уйгур стилинде салынган боз тамдар* (Жантөшев). *Адабияттагы романтикалык стиль.*

2. Кандайдыр бир жазуучунун же адабий чыгарманын, багыттын жана анын тилине мүнөздүү болгон тил каражаттарын пайдалануу ыктары; речинин түзүлүшүндөгү жана сөздөрдү колдонуудагы,

баяндоодогу өзгөчөлүктөр. *Газетанын стили. Адабий чыгарманын стили.*

3. Кандайдыр бир ишти, аракетти жүзөгө ашырууда башкалардан айырмаланган ык, жол. *Жетекчилик стиль. Партиялык жетекчиликтин стили. Тарбиялык иштердин стили.*

4. *сүйл.* Жүрүш-турушу, сүйлөгөнү, кийген кийими ж. б. *Анын чычайып жаңы стиль менен кийингени, жүрүш-турушунун өзгөчөлүгү отургандар үчүн өтө маданияттуу, ашкан акылдуу, даражасы чоң адам болуп көрүндү* («Ала-Тоо»).

СТИХИЯ *зат.* 1. Кубаттуу, күчтүү, көбүнчө кыйраткыч күчкө ээ болгон жаратылыштын көрүнүшү, кубулушу.

2. Адамдар тарабынан, коом тарабынан жөнгө салынышы кыйын болгон коомдук турмуштагы кубаттуу көрүнүш; коомдогу чар жайыт, баш аламан, уюшулбаган күч. *Майда буржуазиялык стихия. Капиталисттик рыноктун стихиясы.*

СТИХИЯЛУУ *сын.* Стихия көрүнүштөрү бар, баш аламан, уюшулбаган. *Социалисттик индустриялаштыруу стихиялуу эмес, план ченемдүү.. болот* («Коммунист»). *Социализмди куруу стихиялуу процесс болуп саналбайт* («Коммунист»).

СТИХИЯЛЫК *сын.* 1. Токтотуу, жөнгө салуу жагы колдон келбес, табигый түрдө (өз алдынча, өз бетинче) болгон. *Стихиялык кырсыктар.*

2. **стихиялуу** менен бирдей.

СТОЛ *зат.* 1. Такта түрүндө жасалып, горизонталдык абалда коюлуучу, таянычы бар, үстүнө бирдеме коюуга же ар түрдүү иштерди иштөөгө ылайыктап жасалган үй буюму. *Тамак иче турган стол. Иш иштей турган стол.*

2. *өт.* Ошондой буюмдун үстүнө коюлган тамак-аш, даяр тамак-аш. *Стол даяр болгон учурда эки небересин эки колуна жетелеп, эне чыга келип учурашты* (Убукеев). *Штабдын үйүндө атайын уюштурулган столдор, жайылган дасторкон* (Сасыкбаев).

3. Белгилүү бир иштерди аткаруучу мекеме же мекеменин бир бөлүмү. *Паспорт столу. Адрес столу.*

4. *өт.* Кызмат, кызмат орду. *Столдон эрте булар кетсин жылып* (Аалы).

СТОЛОВАЯ *зат.* 1. Көпчүлүк тамактануучу жай, ашкана.

2. Квартиранын тамак ичүүгө арналган бөлмөсү.

СТОЛОВОЙ столовая менен бирдей. *Столовойго тамак ичели деп кирип бардык* (Бейшеналиев). *Салык базарлыктарын алып болуп, тамактануу үчүн столовойго кирди* (Каимов).

СТОРОЖ *зат.* Күзөтчү, кароолчу, сакчы. *Мекеменин сторожу. Магазиндин сторожу.*

СТРАТЕГ *зат.* 1. Полководец, стратегиялык билими бар, мыкты билген киши.

2. *өт.* Коомдук, саясий күрөшкө жетекчилик кылуу ыгын мыкты билген киши, чебер жол башчы. *Ленин жумушчу кыймылынын өнүгүшүнүн перспективаларын сергектик менен көргөн революциянын көрүнүктүү стратеги болгон* («Коммунист»).

СТРАТЕГИЯ *зат.* 1. Ири согуштук операцияларды, жалпы эле согушту жүргүзүү искусствосу, согушту жүргүзүү жөнүндөгү илим.

2. Коомдук, саясий күрөшкө жетекчилик кылуу искусствосу. *Марксисттик философия — марксисттик партиялардын бүткүл стратегиясы менен тактикасынын теориялык негизи болуп саналат.*

СТРАТЕГИЯЛЫК *сын.* Стратегияга таандык, стратегия жагынан маани бар. *Стратегиялык план. Стратегиялык операция. Стратегиялык маани бар чабуул.*

СТРЕЛКА *зат.* 1. Ар кандай чөнөөчү, өлчөмдү, убакытты ж. б. аныктап көрсөтүүчү куралдарда белгилүү санды, түшүнүктү көрсөтүп туруучу ичке жебе. *Сааттын стрелкасы. Таразанын стрелкасы. Компастын стрелкасы.*

2. Рельсалуу жолдордо өтүүчү транспортту экинчи бир жолго которуп туруу үчүн ылайыкталган атайын түзүлүш, жасалга.

3. Уч жагы жебенин огуна окшогон багытты көрсөтүүчү сызык.

СТРЕЛОЧНИК *зат.* Рельсалуу жолдордо стрелканы (2-маанисинде) которуп, тейлеп туруучу жумушчу.

СТРЕПТОМИЦИН *зат.* Учук сыяктуу бир катар ооруларга каршы дарылоодо колдонулуучу антибиотик.

СТРЕПТОЦИД *зат.* Бир катар ооруларды дарылоодо колдонулуучу дары препарат.

СТРОЙ *зат.* Аскерлер, адамдар же аскердик бөлүктөр тизилген катар, сап. *— Стройго тургула, бол! — деп, команда берилди* (Аалы). *Бир кезде строй менен кыштактан бери чыккан балдарды көрүп, Жапар ичинен кубанды* («Советтик Кыргызстан»).

СТРОФА *зат.* Эки жана андан ашык ыр саптарынын уйкаштык жана интонация менен бириккен түрмөгү.

СТРУКТУРА *зат.* Бир нерсенин составдык бөлүктөрүнүн өз ара жайгашы, байланышы, ички түзүлүшү. *Коомдун таптык структурасы. Коомдун экономикалык структурасы. Металлдын структурасы.*

СТУДЕНТ *зат.* Жогорку окуу жайынын же техникумдун окуучусу. *Эки шаарда экөөбүз тең студент, Мен жетилип, сен гүлдөгөн убагың* (Аалы). *Институттун студенти. Техникумдун студенти.*

СТУДИЯ *зат.* 1. Художниктин же скульптордун мастерскаясы.

2. Окуу сабактары чыгармачылык практика менен айкалыштырыла жүргүзүлүү аркылуу артисттерди, художниктерди, скульпторлорду даярдоочу мектеп; белгилүү бир көркөмдүк багыттагы художниктердин чыгармачылык коллективи.

3. **киностудия** менен бирдей.

СТУЛ *зат.* Бир киши отуруу үчүн ылайыкталып жасалган, артында жөлөнчүгү бар орундук.

СУБАГАЙ *сын.* Чап жаак, узунча. *Субагай бет. Жаагы субагай.*

СУБАЙ *сын.* Төлү жок, кысыр. *Дон тукумдуу субайлары бир башка, Байыр кылып жашыл бетке токтогон* (Осмонкул). *Субай жылкы. Субай мал.*

◆ **Субай-салтаң** — бала-чакасыз, жалгыз бой, кара башы. *Субай-салтаң аял болгондон кийин, талаага түнөсө түнөгөндүрмүн — деп, Жаркын тамаша сөздү да арылатты* (Убукеев).

СУБАЛА *зат.* Камырдын бир жайымы. *Бир чоң субала камыр.*

СУБЪЕКТ *зат.* 1. *филос.* Дүйнөнү таанып-билүүгө, өзгөртүүгө жөндөмдүү болгон аң-сезими, эркі бар аракет ээси, адам.

2. Логикада: ой жүгүртүүнүн предмети; грамматикада: сүйлөмдүн ээси.

СУБЪЕКТИВДҮҮ *сын.* Субъектиге, кишинин жеке өзүнө таандык. *Менин субъективдүү пикирим боюнча салмаксыздыктын таасири организмдин ишке жарамдуулугуна, физиологиялык функциялардын аткарылышына жолтоо болбойт* («Советтик Кыргызстан»).

СУБЪЕКТИВИЗМ *зат. филос.* Объективдүү реалдуулукту, материалдык дүйнөнү жокко чыгарып, аны субъектинин (адамдын) аң-сезиминде гана жашай алат деп эсептеген идеалисттик философиялык багыт.

СУБЪЕКТИВИСТ *зат.* Субъективизмди жактоочу киши.

СУВЕНИР *зат.* Эстелик үчүн берилген белек; эстелик үчүн иштелген нерсе.

СУВЕРЕНИТЕТ *зат.* Мамлекеттин өзүнүн ички иштеринде жана тышкы саясатында башка мамлекеттик бийликке көз каранды эместиги.

СУВЕРЕНИТЕТТҮҮ *сын.* Суверенитети бар, көз каранды эмес. *Суверенитеттүү мамлекет.*

СУГАЛАК *сын.* Опкок, тойбогон, ач көз, сук. *Каниет кылбаган сугалак мапды көр* (Сыдыкбеков). *Кетпей жүрөт кемегенин жанынан Сугалак, шум Карынбай да кайсаңдап* (Маликов).

СУГАЛАКТАН *этиш.* Сугалактык кылуу, ач көздүк кылуу. *Сарыбай бай сугалактанып, жутунган неме.*

СУГАЛАКТАНУУ **сугалактан** этишинин кыймыл атоочу.

СУГАР *этиш.* 1. Жерге суу жаюу, өсүмдүктөргө суу жаюу. *Эгинди сугарбасак болбойт деп жапырт сугатка чыкканбыз* (Сыдыкбеков). *Беш сугарып, үч оргон Беде сонун турбайбы* (Барпы).

2. Суу ичирүү, суусунун кандыруу (малга карата). *Жетелеп барып сугарып, Айдап жүрүп откорот* (Тоголок Молдо). *Мал сугара турган жер.*

3. Кызытылган металлды суугa, суюктукка салуу жолу менен курчутуу, чыңоо.

4. *өт.* Каныктыруу, жетилтүү. *Сугарып окуу, билим булагына, Окутуп өңкөй жашты алга сүрөп* (Үсөнбаев). *Эмгек өз булагы менен сугарат* (Сыдыкбеков).

СУГАРМА *сын.* Сугарылуучу, сугарыла турган, кайрак эмес. *Сугарма жер.*

СУГАРТ **сугар** этишинин аркылуу мамилеси.

СУГАРУУ **сугар** этишинин кыймыл атоочу.

СУГАРЫЛ **сугар** этишинин туюк мамилеси.

СУГАРЫШ **сугар** этишинин кош мамилеси.

СУГАТ *зат.* 1. Өсүмдүктөрдү, жерди сугаруу, суу жаюу жумушу. *Сугат, отоо, апийимди суюлтуу, Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык* (Осмонов). *Сугатчы сугат сугарса, Жайылып суусу сунал-са* (Осмонов).

2. Мал сугарылчу жер.

3. Кызытылган металлды чыңоо, сууга салып курчутуу жолу. *Сугатына чыдабай Суук булак соолгон* («Манас»).

СУГАТЧЫ *зат.* Сугат сугаруучу киши. *Ай, сугатчы, сугатчы, Сугарып эгин кубантчы* (Осмонов).

СУГУН *этиш.* Оозго чоң-чоң салып жеш, апылдатып жеп кирүү. *Казыдан каалашынча сугун* (Жантөшев). *Ат лапылдатып сугунуп, башын кейкөдетип экчеп коюп жей баштады* (Байтемиров).

СУГУНТ **сугун** этишинин аркылуу мамилеси.

СУГУНУМ: бир сугунум — бир сугунгудай өлчөм. *Бир сугунум эт жедим.*

СУГУНУУ **сугун** этишинин кыймыл атоочу.

СУД **сот** менен бирдей.

СУДЬЯ *зат.* 1. Сот органынын соттолгон адамга, сотто каралган иштерге карата өкүм чыгарууга укугу бар кызматкери.

2. *спорт.* Оюнду, мелдешти башкарып туруучу киши. *Аңгыча судьянын ышкырыгы жаңырды* (Бейшеналиев).

СУЗ I *сын.* Көңүлсүз, томсоргон, кабагы бүркөө, капалуу. *Алардын.. суз отурушгарында кандайдыр бир терең сыр бардай* (Жантөшев). *Оң колу жок экен ойго түшүп, Отурат жерге карап ачылбай суз* (Үмөталиев).

СУЗ II *этиш.* Чөмөрүп алуу, батыра сайып көтөрүү. *Жайналантып төгүлтүп, Сууну сузуп алды эми* («Семетей»). *Күрөктү алам, Буудай сузуп ыргытам, Шамал сокпойт, Жел чакырып ышкырам* (Осмонов).

◆ **Кырман сузуу** — эгиндин кызылын (таза данын) жыйнап алуу, капка, кампага куюу.

СУЗГУ *зат.* Сүйрү же тегерек формада жыгачтан жасалган саптуу чөмүч. *Кең казандан, берекелүү сузгудан Табак толо таттуу тамак куюлат* (Осмонов).

СУЗГУЧ *зат.* Сузуп алуу үчүн ылайыкталып жасалган чөмүч.

СУЙ: суй жыгылуу — абдан чарчоо, аябай чарчап-чаалыгуу. *Татыбек далай жерди арытып, таба албай суй жыгылды* (Байтемиров). *Өздөрү да чарчап, аттары да суй жыгылып, буттарын тарта албайт* (Сасыкбаев).

СУЙДАҢ *сын.* 1. Суюк, сейрек, жыш эмес (өсүп турган нерселерге: чач, сакал,

өсүмдүктөргө карата). *Чачы суйдаң тартуу. Сакалы суйдаң. Суйдаң өскөн арпа, буудай.*

2. Суюк, суюлган абалга келген (тамак ж. б. жөнүндө). *Суйдаң жарма. Суйдаң кесме.*

СУЙКАЙ *этиш.* Ажарлуу көрүнүү, керилип келишимдүү, сулуу көрүнүү. *Суйкая басып жаш сулуу Суусунун берип кубантса* (Осмонов). *Жамила.. суйкайган жароокер кыз* (Баялинов).

СУЙҚАЮУ суйкай этишинин кыймыл атоочу.

СУЙСАЛ I *зат. диал.* Ичке кара жиптен чыйратылып жасалып, учу аялдардын чачына кошо өрүлүүчү чачык, чач уштук.

СУЙСАЛ II *этиш.* Кылыктана, келишимдүү көрүнүштө чайпала басуу. *Суйсала басып суу алган Ырыстуу биздин бурaң бел* (Токтомушев).

СУЙСАЛУУ суйсал этишинин кыймыл атоочу.

СУҚ I *сын.* Ач көз, көзү тойбогон, көз арткан, сугалак. *Сук сагызган эрк сенде, Тандап учуп коно бер* (Үмөталиев). «*Сук*» *атанып айлыңа Суук болбо, жаш балдар* (Токтогул).

◆ **Сугу түшүү** *же* **сук артуу** — көз артуу, бирөөгө же бир нерсеге көзү түшүү, суктануу.

СУҚ II *этиш.* Батыра саюу, батыра уруу. *Аркамдан бири келип кармарында, Кайрылып жүрөгүнө найза суктум* (Үмөталиев).

СУҚАН: суканы учуу — тилден калуу, сүйлөй албай калуу.

СУҚНО *зат.* Жүндөн же жарым жартылай жүндөн жасалган, өң жагы түктүү, тыш кийимдик калың кездеме.

СУҚСУР *зат.* Өрдектөр тобуна кирүүчү мойну койкойгон, ичке узун тумшуктуу куш.

СУҚСУРДАЙ *сын.* Келишимдүү, койкогой. *Сууп калган Сарала Суксурдай басат түйүлүп* («Олжобай менен Кишимжан»).

СУҚТАН *этиш.* Көзү түшүү, көңүлү түшүү, кызыга кароо, көз артуу, сугун артуу. *Эликтей сулуу чырай жээрде кулун Суктанам көрбөгөнсүп мындан мурун* (Үмөталиев). *Суктанып жүрбөй ар кимге Сүйгөнүңдү тандап ал* (Токтогул).

СУҚТАНДЫР суктан этишинин аркылуу мамилеси.

СУҚТАНУУ суктан этишинин кыймыл атоочу.

СУҚТАНТ суктан этишинин аркылуу мамилеси.

СУЛА *этиш.* 1. Узунунан түшүп жатып калуу; узунунан жыгылуу. *Мойнубуз талыгандыктан өбөктөп отурганча узунубуздан сулап жатканды дурус көрүп, бардыгыбыз тең жыттуу чөптүн үстүнө боортоктоп калдык* (Таштемиров). *Өлгөн болуп коктуга Сулагандар андан көп* («Семетей»).

2. Кыймылсыз сулк жатып калуу; өлүү. *Душман коркурап сулады* (Сасыкбаев). *Кай бирөө окобунда жатты сулап, Кай бири кол көтөрдү жан соогалап* (Үмөталиев).

СУЛАТ сула этишинин аркылуу мамилеси.

СУЛДУЙ *этиш.* Эби-сыны жок сулкуюп кыймылсыз жатып калуу. *Суунун чети кан агып Сулдуйган канча жан агып* («Эр Табылды»).

СУЛҚ: сулк жатуу — кыймылсыз, былк этпей жатып калуу. *Коён сулк жатып калды* (Каимов). *Татыбек да сулк жатат* (Байтемиров).

СУЛҚУЙ *этиш.* Сулк жатуу, кыймылсыз былк этпестен жатуу. *Турат сулкуюп төрдө жатат.*

СУЛП *сын.* Сөөгү жок, жалаң (эт жөнүндө). *Май куйруктун сулп эти. Сулп этинен туурап куурдак кыл.*

СУЛТАН *зат.* 1. Феодалдык коомдо бийлик жүргүзүп, башкаруучу аким, ислам дини өкүм сүргөн элдердеги монархтын титулу жана ушундай титулу бар адам. *Бирөөнүн элинде жүрүп султан болгуча, өз элиңде ултан бол* (макал).

2. *өт.* Төрө, мырза. *Табылдыга сөз айтса, Султаның Табыл унчукпайт* («Эр Табылды»). *Султан Манастан калган бир туяк, Өлбөй аман жүрсүн деп* («Манас»).

СУЛУ *зат.* Даны көбүнесе жем үчүн колдонулуучу же крупа жасалуучу дан өсүмдүгү жана ушул өсүмдүктүн даны. *Жемдик арпа, сулу кампаларда толуп турду* (Сасыкбаев).

СУЛУУ *сын.* 1. Өңдүү-түстүү, өңүтүсү, мүчөсү келишимдүү, татынакай. *Тунук сулуу Канышай Он алтыда, өзү жаш* («Курманбек»).

2. Өңү-түсү жакшынакай аял, кыз. *Кара көздүү сүйкүм сулуу Кайда жүрөт болду экен?* (Бөкөнбаев). *Ар ким сүйүп караса, Сулуунун көркү жүзүндө* («Мендирман»).

3. Көргөнгө көрктүү, кооз, суктандырарлык, көрүнүшү сонун, жагымдуу. *Макмалга сайма сайгандай Кавказдын сулуу жерин көр* (Аалы). *Дүйнө жүзүнүн баары аппак болуп, айлуу түн таптаза, сулуу көрүнөт* (Байтемиров). *Кыргый куштун сулуусу* (Барпы). *Ала-Тоо бизге бирдей кышы-жайың, Сулуусуң жылдар аттап өткөн сайын* (Шүкүрбеков). *Токтолуп терең чыккан сырдуу шыбыш Толкутуп назик, сулуу үнгө салды* (Бөкөнбаев).

4. Одуракай эмес, жылмакай, сыйда, текши, тегиз. *Жыгачты болгон адамга Сыйда сулуу тал жакшы* («Мендирман»).

СУЛУУЛА *этиш.* Кооздоо, жакшынакай, жарашыктуу түргө келтирүү, жылмалоо. *Сулуулап дубалына гүл салдырып, Жаштарга муну берди колхоз сыйга* (Абдыраманов). *Жибек менен, баркут менен сулуулап, Урмат кылып, кадыр кылып улуулап* (Осмонов). н

СУЛУУЛАН сулуула этиши ин өздүк мамилеси.

СУЛУУЛАТ сулуула этишинин аркылуу мамилеси.

СУЛУУЛОО сулуула этишинин кыймыл атоочу.

СУЛУУЛУК *зат.* Өндүү-түстүүлүк; жакшынакайлык; көрктүүлүк, кооздук, сонундук. *Сулуулуктун белгиси — Ак бетинен нур тамган* (Осмонкул). *Сулуулук адамдык сүйкүмдө да* (Байтемиров). *Көз тойбогон сулуулук Көрүп туруп кубандым* (Бөкөнбаев).

СУЛУУЧА *сын.* Сулуу сымак, сулуусунан келген. *Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт, Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт* (Осмонов).

СУМБАЛ *зат. диал.* Жүндөн ийирип, согуп жасалган чоң кап. *Бөлгүлөп баштык кылып сумбал кабын* (Аалы).

СУМКА *зат.* Ичине бир нерселерди салып алып жүрүү үчүн ылайыкталып кездемеден, булгаарыдан жана башка материалдардан жасалган кармагыч боосу же асынгычы бар буюм, капчык; китеп кап. *[Мурат] сумкасынан аспаптарын ала коюп ишке кириште* (Байтемиров). *Колуна сумка кармап Керим келе жатат* («Жаш ленинчи»).

СУММА *зат.* 1. *мат.* Сандарды кошуудан, бириктирүүдөн келип чыккан жыйынтык сан.

2. Кандайдыр бир нерсенин (мис., акчанын) жалпы саны. *Ири суммадагы акча.*

СУМСАЙ *этиш.* Сузануу, кейиште болуп томсоруу. *Сүйгөн жар, боордош карындаштар сумсаят* (Сыдыкбеков). *Алардын мындай сумсайып отуруштарында кандайдыр бир терең сыр бардай* (Жантөшев).

СУМСАЙТ сумсай этишинин аркылуу мамилеси.

СУМСАЮУ сумсай этишинин кыймыл атоочу.

СУН *этиш.* 1. Бир нерсени берүү же алуу, кармоо, коштошуу ж. б. үчүн колду созуу же жалпы башка нерселерди илгери карай багыттап жиберүү, жүткүнтүү. *Аттуу киши алик алды да, чөнтөгүнөн чаптамуу конверт алып, Алыбекке сунду* (Жантөшев). *Оң колуңду бери сун, Коштошоюн жан досум* («Курманбек»). *Аяк сун. Чай сун. Түмөндөгөн жоонун колу кезикке, Ат коюшуп, Албарс найза сунышык* (Турусбеков).

2. Сунуш кылуу. *Көпчүлүктүн кароосуна суна туруп менин оюм ушул* («Чалкан»). *Айтамын, сөз да табам: ашыкмын дейм, Алгыңың жүрөгүмдү сага сунам!* (Үмөталиев). *Бак-таалайлуу балдарына элимдин, Гүл сунамын, ыр сунамын жүрөктөн* (Нуркамал).

◆ **Бой сунуу** — ыктоо, ыгына көнүү. *Ой, жеңеке, эркелеймин, бой сунам* (Бөкөнбаев). **Моюн сунуу** *к.* **моюн. Кол сунуу**—умтулуу, аракет кылуу. *Пайдаланып алтын жаштан Кол сунгула жылдызга* (Аалы).

СУНАЛ *этиш.* 1. Буту-колу сунулган, бой керген, созулган абалда болуу, ушундай абалда жатуу. *Алдейлечү жаш Эшимдин энеси Тилсиз гана жата берди суналып* (Аалы). *Арышка арыш уланып, Кийиктей ыргыйт суналып* (Аалы).

2. Керилип, созулуп жаткан абалда көрүнүү, ушундай абалда болуу. *Кең мейкин мына суналган, Чер жазып, көргөн кубанган* (Аалы). *Суналган кең талаа.*

3. Бойлуу, келишимдүү, керилген көрүнүштө болуу, сындуу болуп көрүнүү. *Суналган жигит. Суналган кыз. Суналган мыкты жорго.*

СУНАЛТ сунал этишинин аркылуу мамилеси.

СУНАЛУУ сунал этишинин кыймыл атоочу.

СУНДАГУУ сундак этишинин кыймыл атоочу.

СУНДАК *этиш.* Созулуп кетүү, узакка созулуу. *Оорусу сундагып кетти.*

СУНДАКТЫР сундак этишинин аркылуу мамилеси.

СУНУУ сун этишинин кыймыл атоочу.

СУНУШ I *зат.* Кандайдыр бир маселе, иш боюнча эмне кылуу керектиги жөнүндө билдирилүүчү пикир, ой, өтүнүч. *Курман өзүнүн сунуштарын айта баштады* (Убукеев). *Инженер Анаркул өзүнүн новатордук сунушу жөнүндө көңүлдөнүп сүйлөдү* (Сасыкбаев).

СУНУШ II сун этишинин кош мамилеси.

СУП *зат.* 1. Пахтадан токулган жука кездеме.

2. Эпостордо айтылуучу ак жибектен же ак төөнүн жүнүнөн токулган баалуу кездеме. *Кырмызы көйнөк, суп бешмант* («Сейтек»). *Билгендерден кеп угуп, Сүптан кепин кылдырсаң Сонун болот деп угуп* («Манас»). *Суп кийгенде сурак жок, Сүптан салдым төшөктү* («Манас»).

СУПА I *зат.* Адам жатуу, отуруу үчүн ылайыкталып тектирче түрүндө жасалган жай. *Шыпырып суу септирип килем жайган Супага биз отурдук ичип чайдан* (Үмөталиев).

СУПА II: таң супа салуу — таң агара баштоо, таң кулан өөк боло баштоо. *Таң супа салганда Жылдызкан да көз ачты* (Байтемиров). *Ашыр таң супа салган ченде аттанып кетти* (Сасыкбаев).

СУПЕРФОСФАТ *зат.* Табигый фосфаттардан (апатиттерден, фосфориттерден ж. б.) алынган фосфор жер семирткичи.

СУПСАК *сын.* 1. Даамсыз, татыксыз, тузу жок. *Татты кылган супсакты Туздан козгоп сайрады* (Тоголок Молдо).

2. Татыксыз, жагымсыз, көңүлдү өзүнө тарта албаган, начар. *Мени аяп бекер кайгы жебегин, Супсак ырды даамдуу ыр дебегин* (Осмонкул). *Айткан кебим супсак болбосун, докладымды мен да мисалсыз баштабаймын* (Сыдыкбеков).

СУПСУН *зат.* Кир жуулгандан кийинки жылуу суусу. *Чынар кирдин супсунун жанында турган чакага куйду.*

◆ **Супсуну сууду** — көңүлү сууду, ойлогонундай болбой, иши оңунан чыкпай калды. *Мына ошентип, супсунум сууп жолго түштүм* («Чалкан»).

СУПУ: супу садык чалганда — таң супа салган мезгилде. *Супу садык чалганда, Таң саргарып калганда* («Манас»).

СУПУРА *зат.* Камыр жаюу үчүн ылайыкталып жасалган дасторкон сыяктуу нерсе. *Талкандын бир чымчымын калтырбай супурадан кагып алып, баштыкка салды* («Ала-Тоо»). *Эрменкан кесмесин кесип бүтүп, супурасын жыйыштырды* (Абдумомунов).

СУР I: суру качуу — үрөйү учуу, коркуп кетүү. [*Маманазар*] *кызыл чиедей жаш балдарлуу, суру качкан аялды көргөндө ээнги кейип кетти* (Жантөшев). **Сурун салуу** — сурдануу, түсүн үйрүү.

СУР II *сын.* 1. Кара түс менен ак түстү аралаштыруудан алынуучу түс, толук күйгөн отундун күлү же чополуу кумдак жердин топурагы түстүү өң. *Ай, сур атчан сугатчы, Унутпа сугат убакты* (Осмонов). *Сур булуттар ары-бери көчүп, алда кайда кетип жатты* (Жантөшев). *Сур шинелчен.. солдат..трибунаны көздөй келе жатты* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Катаал, көңүлсүз. *Өтүп кеткен сур заман Кайрылып эми келбесин* (Турусбеков). *Өткөрдүк далай сур күндү, Өңү жок бопбоз кур күндү* (Элебаев).

СУРА *этиш.* 1. Бирөөдөн жооп алыш, бир нерсе жөнүндө айттырыш үчүн суроо кылып кайрылуу. *Он бешинчи заводдун Устасы экен сурасам* (Осмонов). «*Атың ким?» деп сурадым. Жаңылык сурайлычы.*

2. Бир нерсе алуу же кандайдыр бир башка максат, иш боюнча өтүнүп кайрылуу, сурануу. *Сурап ичкен тамагың, Суу ичкен менен барабар* (Токтогул). *Ар кимден жол сурап, кайда барарын, кайсы жолго түшөрүн билбей адашып жүрүштү* («Ала-Тоо»). *Эл алдына келип кечирим сураса болбойт беле* (Байтемиров).

3. Бийлик жүргүзүү, башкаруу. *Түбү сурап эл бийлеп, Жеп келгенден болбогун* (Барпы). *Эл сураган Алтыбай Эң эле адил шер болсо* («Эр Табылды»).

◆ **Колун суроо** — аялдыкка алуу үчүн сунуш кийирүү. *Айлана-тегеректен кийинки убактардын ичинде бир далай эле жуучулар келип анын колун сураган болчу* (Абдукаримов).

СУРАБА *зат. эск.* Ийри кылыч. *Мурундарын карасаң, Сурабанын кабындай.*

СУРАК *зат.* 1. Тергөө, тергөө жүргүзүү. *Сот алды байды суракка, Сүйүндүм ошол убакта* (Калык).

2. Бийлик, башкаруу. *Кайрат менен кол сунуп, Алдык колго суракты* (Осмонкул). *Түбүнөн бери жок кылгын Мурункунун сурагын* (Токтогул).

СУРАКСЫЗ *сын.* 1. Сурак болбостон, суракка алынбастан, тергөөсүз.

2. Уруксатсыз. *Сураксыз келип конгудай Оолугуп кандай демиң бар* («Манас»).

СУРАКЧЫ *зат. сүйл.* Сурак жүргүзүүчү, тергөөчү. *Түн ортосунда түрткүнчүк болуп суракчылардын алдында отурган адамдын абалы кандай болору ар кимге белгилүү* («Советтик Кыргызстан»).

СУРАЛ сура этишинин туюк мамилеси.

СУРАМАЙ: токту сурамай *к.* **токту.**

СУРАМЖЫЛА *этиш.* Суроо салып иликтөө, көп жерден суроо, сураштыруу. *Биз алардын дайынын сурамжылап таппай жүргөнбүз* (Жантөшев).

СУРАМЖЫЛАТ сурамжыла этишинин аркылуу мамилеси.

СУРАМЖЫЛОО сурамжыла этишинин кыймыл атоочу.

СУРАМЧЫ *зат.* Көп сураган, сураганды жакшы көргөн адам; тилемчи. *Сурамчылар көбөйүп бара жатат* (Бейшеналиев).

СУРАН сура этишинин өздүк мамилеси.

СУРАНЫЧ *зат.* Өтүнүч, сурап өтүнгөндүк.

СУРАТ сура этишинин аркылуу мамилеси.

СУРАШТЫР *этиш.* Иликтөө, суроолор берүү, сурамжылоо, ар кимден сурап, билүүгө аракет кылуу. *Тапкычтап сураштыргандыгыңда да алардын Ошко келгендиги чын болуп чыкты* (Жантөшев). *Бейшекеден борбордогу жаңылыктарды сураштырды* (Бейшеналиев).

СУРАШТЫРУУ сураштыр этишинин кыймыл атоочу.

СУРГУЛТ *сын.* Чаңгыл сур, сур сымал. *Сургулт булуттар Арсланбабдын асман тиреген ала аскасын көздөй агылып турат* (Бөкөнбаев).

СУРГУЧ *зат.* Печать басуу, бутылкалардын оозун чаптоо ж. б. үчүн колдонулуучу бат эрип, бат ката турган түстүү катуу чайыр же мом. *Сургуч менен печатталган пакет.*

СУРДАН *этиш.* Түсүн үйрүү, ачуусу келип кумсаруу. *Асалхан каарына алгандай сурданып ордунан тура калды* (Жантөшев). *Кашыңа келген кишиге Кабагың түйүп сурданба* (Осмонкул).

СУРДАНТ сурдан этишинин аркылуу мамилеси.

СУРДАНУУ сурдан этишинин кыймыл атоочу.

СУРМА I *зат.* Кирпиктин үстү жагынан кыдырата бойлоп көрк берип түрган ичке назик жик. *Сурма көз. Көзүнүн сурмасы бар.*

СУРМА II сурьма менен бирдей.

СУРМАЛУУ *сын.* Сурмасы бар. *Сурмалуу көзү моймолжун тартып* [*Жийдегүл*] *бешик ырын ырдай баштады* (Сасыкбаев). [*Любаның*] *сурмалуу көздөрү бир аз сузулүңкү* (Сыдыкбеков).

СУРНАЙ *зат.* 1. Үйлөп үн чыгаруучу, кол менен баса турган тешикчелери бар түтүкчө түрүндөгү музыкалык инструмент.

2. *сүйл.* Горн (сигнал берүүчү үйлөмө инструмент). *Мен ырым менен аңгемемди эми улантайын деп турганда сурнай тартылып калды* (Караалаев). *Туткага байланган желекчеси менен мылтыкча илинген сурнай муздай жалтырады* (Сыдыкбеков).

СУРНАЙЧЫ *зат.* 1. Сурнайда ойноп билген, сурнай тарткан киши. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев).

2. *сүйл.* Сурнай, горн тартуучу. *Сурнайчы сурнай тартса, барабанчы барабан ойнойт* (Сыдыкбеков).

СУПУРА *зат.* Камыр жаюу үчүн ылайыкталып жасалган дасторкон сыяктуу нерсе. *Талкандын бир чымчымын калтырбай супурадан кагып алып, баштыкка салды* («Ала-Тоо»). *Эрменкан кесмесин кесип бүтүп, супурасын жыйыштырды* (Абдумомунов).

СУР I: суру качуу — үрөйү учуу, коркуп кетүү. [*Маманазар*] *кызыл чиедей жаш балдарлуу, суру качкан аялды көргөндө зээни кейип кетти* (Жантөшев). **Сурун салуу** — сурдануу, түсүн үйрүү.

СУР II *сын.* 1. Кара түс менен ак түстү аралаштыруудан алынуучу түс, толук күйгөн отундун күлү же чополуу кумдак жердин топурагы түстүү өң. *Ай, сур атчан сугатчы, Унутпа сугат убакты* (Осмонов). *Сур булуттар ары-бери көчүп, алда кайда кетип жатты* (Жантөшев). *Сур шинелчен.. солдат..трибунаны көздөй келе жатты* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Катаал, көңүлсүз. *Өтүп кеткен сур заман Кайрылып эми келбесин* (Турусбеков). *Өткөрдүк далай сур күндү, Өңү жок бопбоз кур күндү* (Элебаев).

СУРА *этиш.* 1. Бирөөдөн жоопалыш, бир нерсе жөнүндө айттырыш үчүн суроо кылып кайрылуу. *Он бешинчи заводдун Устасы экен сурасам* (Осмонов). «*Атың ким?*» *деп сурадым. Жаңылык сурайлычы.*

2. Бир нерсе алуу же кандайдыр бир башка максат, иш боюнча өтүнүп кайрылуу, сурануу. *Сурап ичкен тамагың, Суу ичкен менен барабар* (Токтогул). *Ар кимден жол сурап, кайда барарын, кайсы жолго түшөрүн билбей адашып жүрүштү* («Ала-Тоо»). *Эл алдына келип кечирим сураса болбойт беле* (Байтемиров).

3. Бийлик жүргүзүү, башкаруу. *Түбү сурап эл бийлеп, Жеп келгенден болбогун* (Барпы). *Эл сураган Алтыбай Эң эле адил шер болсо* («Эр Табылды»).

◆ **Колун суроо** — аялдыкка алуу үчүн сунуш кийирүү. *Айлана-тегеректен кийинки убактардын ичинде бир далай эле жуучулар келип анын колун сураган болчу* (Абдукаримов).

СУРАБА *зат. эс.* Ийри кылыч. *Мурундарын карасаң, Сурабанын кабындай.*

СУРАК *зат.* 1. Тергөө, тергөө жүргүзүү. *Сот алды байды сыракка, Сүйүндүм ошол убакта* (Калык).

2. Бийлик, башкаруу. *Кайрат менен кол сунуп, Алдык колго сыракты* (Осмонкул). *Түбүнөн бери жок кылгын Мурункунун сурагын* (Токтогул).

СУРАКСЫЗ *сын.* 1. Сурак болбостон, сыракка алынбастан, тергөөсүз.

2. Уруксатсыз. *Сураксыз келип конгудай Оолугуп кандай демиң бар* («Манас»).

СУРАКЧЫ *зат. сүйл.* Сурак жүргүзүүчү, тергөөчү. *Түн ортосунда түрткүнчүк болуп сыракчылардын алдында отурган адамдын абалы кандай болору ар кимге белгилүү* («Советтик Кыргызстан»).

СУРАЛ сура этишинин туюк мамилеси.

СУРАМАЙ: токту сурамай *к.* **токту.**

СУРАМЖЫЛА *этиш.* Суроо салып иликтөө, көп жерден суроо, сураштыруу. *Биз алардын дайынын сурамжылап таппай жүргөнбүз* (Жантөшев).

СУРАМЖЫЛАТ сурамжыла этишинин аркылуу мамилеси.

СУРАМЖЫЛОО сурамжыла этишинин кыймыл атоочу.

СУРАМЧЫ *зат.* Көп сураган, сурагандыжакшы көргөн адам; тилемчи. *Сурамчылар көбөйүп бара жатат* (Бейшеналиев).

СУРАН сура этишинин өздүк мамилеси.

СУРАНЫЧ *зат.* Өтүнүч, сурап өтүнгөндүк.

СУРАТ сура этишинин аркылуу мамилеси.

СУРАШТЫР *этиш.* Иликтөө, суроолор берүү, сурамжылоо, ар кимден сурап, билүүгө аракет кылуу. *Тапкычтап сураштыраныбызда да алардын Ошко келгендиги чын болуп чыкты* (Жантөшев). *Бейшекеден борбордогу жаңылыктарды сурашты* (Бейшеналиев).

СУРАШТЫРУУ сураштыр этишинин кыймыл атоочу.

СУРГУЛТ *сын.* Чаңгылт сур, сур сымал. *Сургулт булуттар Арсланбабдын асман тиреген ала аскасын көздөй агылып турат* (Бөкөнбаев).

СУРГУЧ *зат.* Печать басуу, бутылкалардын оозун чаптоо ж. б. үчүн колдонулуучу бат эрип, бат ката турган түстүү катуу чайыр же мом. *Сургуч менен печатталган пакет.*

СУРДАН *этиш.* Түсүн үйрүү, ачуусу келип кумсаруу. *Асалхан каарына алгандай сурданып ордунан тура калды* (Жантөшев). *Кашыңа келген кишиге Кабагың түйүп сурданба* (Осмонкул).

СУРДАНТ сурдан этишинин аркылуу мамилеси.

СУРДАНУУ сурдан этишинин кыймыл атоочу.

СУРМА I *зат.* Кирпиктин үстү жагынан кыдырата бойлоп көрк берип турган ичке назик жик. *Сурма көз. Көзүнүн сурмасы бар.*

СУРМА II сурьма менен бирдей.

СУРМАЛУУ *сын.* Сурмасы бар. *Сурмалуу көзү моймолжун тартып* [*Жийдегүл*] *бешик ырын ырдай баштады* (Сасыкбаев). [*Любаның*] *сурмалуу көздөрү бир аз сүзүлүңкү* (Сыдыкбеков).

СУРНАЙ *зат.* 1. Үйлөп үн чыгаруучу, кол менен баса турган тешикчелери бар түтүкчө түрүндөгү музыкалык инструмент.

2. *сүйл.* Горн (сигнал берүүчү үйлөмө инструмент). *Мен ырым менен аңгемемди эми улантайын деп турганда сурнай тартылып калды* (Каралаев). *Туткага байланган желекчеси менен мылтыкча илинген сурнай муздай жалтырады* (Сыдыкбеков).

СУРНАЙЧЫ *зат.* 1. Сурнайда ойноп билген, сурнай тарткан киши. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев).

2. *сүйл.* Сурнай, горн тартуучу. *Сурнайчы сурнай тартса, барабанчы барабан ойнойт* (Сыдыкбеков).

СУРОО I *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсе жөнүндө билүү үчүн жооп талап кылган кайрылыш, собол. *Улам бир баланын атын атап Нина Леонтьевна ага суроо жаңыртат* (Сыдыкбеков). [*Сапар*] *сурообо жараша жооп берип жатты* (Жантөшев).

2. Чечүүнү талап кылган, чечиш үчүн коюлган маселе. *Бул суроолорду өлкө тагдыры чечерин биздин замандын кишилери түшүндү* (Сыдыкбеков).

3. Талап, керектөө, өтүнүч, сураныч. *Жаңы китептерге болгон суроо. Керектүү товарларга суроо көбөйүүдө.*

4. Белгисиздик, чечиле электик. *Экинчи мен көрөмүнбү? Чоң суроо!* (Аалы). *Бирок менин метрикамдын жылы чыкты. Белгисиз айы, күнү Али суроо — эч ким жообун бергисиз* (Аалы).

5. Уруксат. *Тыштан суроо-сопкуту жок эле эки киши кирди* (Убукеев).

◆ **Суроо белгиси** — сурообелгиси сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгиси?).

СУРОО II сур, этишинин кыймыл атоочу.

СУРООЛУУ *сын.* Суроо мааниси бар, сурообелгиси бар, сураган. *Соня Андрейдин баштыгын алып, жандай басып жаркылдап суроолуу сөздө кирди* (Сасыкбаев). *Суроолуу көз караш.*

◆ **Суроолуу сүйлөм** — суроо маанисиндеги сүйлөм.

СУРООЧУ *зат.* 1. Суроо берген, сураган киши.

2. Сураганды жакшы көргөн, көп сураган киши. *Суроочунун көп экен өзүнүн малы, Аяп мингиси келген аны* (Шүкүрбеков).

СУРЬМА *зат.* 1. Техникада жана медицинада колдонулуучу күмүш түстүү морт металл, химиялык элемент. *Күмүш, калай, сурьма, сымап жалтырак, Кымбат металл бизден чыкты жаркырап* (Аалы).

2. Кашты, кирпикти, чачты карартып боёй турган боёк.

СУТКА *зат.* 24 сааттык убакыт өлчөмү; бир күн жана бир түн убакыт. *Люба да кылдай чолоосу болбой, көп учурларда суткасына уулун көрбөйт* (Сыдыкбеков). *Жол тарттык эки сутка бир вагондо, Кадимки жолдошторчо болуп шерик* (Турусбеков).

СУУ I *зат.* 1. Булак, өзөн, дарыя, көл, деңиздерди пайда кылуучу, химиялык жагынан алганда водород менен кислороддун кошулушунан келип чыккан түссүз суюктук. *Суу — жерге, байлык —элге* (макал).

2. Өзөн, дарыя. *Куюп жатат Чычканга Жети-Суудан эки суу* (Токтогул). *Сызылат башка суудай чыкпайт чуусу, Менсинет, көйрөңдөнбөйт Москва суусу* (Аалы).

3. Кургак эмес, ным. *Суу болгон кийимдериңерди кургаткыла* (Жантөшев). *Суу тал. Суу отун.*

4. Жемиштин, мөмөнүн суюк маңызы, шireси жана ошол сыяктуу суюктуктар. *Азыраак компоттун суусун ичтим* (Жантөшев).

◆ **Жер-суу** — тиричиликке жана чарбачылык иштерин жүргүзүүгө ылайык шарттары менен бирге жалпы эле жерге карата айтылган жалпылоочу сөз. *Кедейлер жер-сууга ээ болгон заман. Колхоздун жер-суусу.* **Отун-суу** — үй тиричиликке эң эле зарыл болгон отун, суу сыяктуу оокат-тиричилик жөнүндө жалпылай айтылган сөз. *Эгин-тегинге, чөп-чарга, отун-сууга каралашып берип, насыяңарды үзөрсүңөр!* (Жантөшев). **Сууга алуу** — өлгөн адамдын сөөгүн жууп-тазалоо. **Агын суу**—аккан суу; токтотулуп коюлбаган, агып жаткан суу. **Суу сактагыч** — сууну токтотуп, көбөйтүү, топтоо, сактоо үчүн курулган жасалма көлмө. **Топон суу** — диний түшүнүк боюнча: адамдардын күнөөсү үчүн кудай жазалап бүт дүйнө жүзүн каптаткан сел, суу ташкыны. *Топон суу жетпес Бээжинге Токтобой кыргын салам деп* («Манас»). **Кара суу** — саздак жерлерден сызылып чыгып чогулган суу. *Мойнуна кара таш байлап, Кара сууга салган ким?* (Аалы). *Асты жагы Иткечпес, Имерилген кара суу* («Манас»). **Оозунан кара суу келүү** — курсагы ачып, өзөгү карыуу, оозунан суу келүү. **Ичер суу** — адамдын жашоосу, көрөр күнү, өмүрү. *Маани жайын байкасам, Ичер суум куруптур* («Мендирман»). **Жүрөгүнүн сары суусун алуу** — коркутуп, санааркатып бүтүрүү, чочуркаган, санааркаган абалга жеткирүү. **Жинди суу** — *сүйл.* арак, ичкилик. *Жүргөн жери ызычуу Эч кимге жакпас жинди суу* (Шүкүрбеков). **Суу мончок** — тунук мончок, айнектен жасалган мончок. *Турдукан кунандын көкүлүнө, күйрүгүна суу мончок такты* (Бейшеналиев). **Суу кагаз** *к.* **кагаз. Суу жоолук** — сүлгү. *Шалактатпай бутумду Суу жоолук менен тазайын* («Эр Табылды»). **Суу май** — өсүмдүк майы. *Суу майга жасалган этсиз, тузу ачуу капуста сорпо* (Абдукаримов). **Суу мылтык** — суу сордуруп жана кайра аны атырылта чачыратып ойнош үчүн түтүктөн (көбүнчө балтыркандын сөңгөгүнөн) насос өндөнүп жасаган оюнчук. *Суу мылтык кылып алышып, Атып жүрөт балалык* (Токтогул). **Суу жүрөк** — коркок, жалтак. **Колтугуна суу бүркүү** *к.* **колтук. Суу куйса төгүлгүс** *же* **чайпалгыс** — бөжүгөн, жүрүшү тынч, бөжүгөн жүрүштүү, мыкты (жоргого карата). *Биздин колхоздун суу-жуйса төгүлгүс сур жоргосу жарышта биринчи болуп келди.* **Көктүн суусу** — кымыз, айран, сүт жөнүндө жалпылап айтылган сөз. **Бел суу** — эркектин уругу; сперма. **Мурдуна** *же* **тумшугуна суу жетүү** — мүңкүрөгөн абалга жетүү; айласы кетип, турасы түгөнүү. **Сиркеси суу көтөрбөө** — эч нерсени уккусу келбөө, туталануу.

СУУ II *этиш.* 1. Илеби кайтуу, муздоо, салкын тартуу. *Тамак сууп, эртеден бери столдо ичилбей турул калды* («Чалкан»). *Абаз абанын ысыгы тез сууп, тез кеч киришин чыдамсыздык менен күтүүдө* (Таштемиров).

2. Мурдагыдай болбой калуу, кызуу болбой калуу, көңүлү кала түшүү, деми

кайтуу, басаңчалоо. *Жакшы кеңеш угамын деп айткан Жанболоттун көксөсү суып, көчөгө чыкты* (Шимеев). *Эненин кызыл өңү бозоруп, сабыры сууй түштү* (Сыдыкбеков).

3. Тапталуу, көкүрөгү басылуу, мыкты чуркай турган болуп бышыгуу. *Аргымак сууйт тер менен* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сууп калган буудандар, Сумбөдөй болуп жарады* («Семетей»). *Аттар сууп калганда, Таңга супа салганда* («Эр Табылды»).

◆ **Изи сууй элек** — көп убакыт өтө элек, эскире элек, унутула элек. **Эл аягы сууган кез** — баскан-тургандар, келгенкеткендер азайып, сейрек тартып калган, тынчып калган мезгил, учур.

СУУГАРЕК *зат.* Ачык туруп эле көрбөгөн көз, көзү ачык туруп эле көрбөгөн киши. *Тургунбай суугарек эле.*

СУУДАЙ : суудай билүү — башка тилди мыкты билүү, шар сүйлөө. *Төрт жыл орус жолдоштордун ичинде жүрүп, тилди суудай билдим* (Аалы).

СУУК *зат.* 1. Абанын төмөнкү температурада болушу, муздактык, аяз. *Суукка чыйрыгып калган койлор чубуруп корого келе баштады* (Убукеев). *Кыш чилдеси кырк күнү Суук болот күн-түнү* (Тоголок Молдо).

2. Сулуу эмес, серт, кебетеси жаман. *Аркаңдагы учкашкан, Түрү суук кандай таз* («Эр Төштүк»). *Болуштун өңү адамдан суук эле* (Каралаев). *Сарайдын кебетеси да суук көрүнөт* (Байтемиров).

3. Жагымсыз, ырайымсыз; кейиштүү, кайгылуу. *Суук көз. Суук кабар. Тили суук.*

4. *сүйл.* Организмдин начарланышы, күчтүүлөп тамактанууну талап кылган организмдин начарлоосу. *Апийим уу болот. Мында тамакты күчтөп ичпесе, киши суугуна тегеренип жыгылып калат.* [*Ысак сенин*] *суугуң ашып кетиптир* (Абдукаримов).

◆ **Суук колун салуу** — коомдун же башка бирөөнүн мүлкүн, акысын өз кызыкчылыгына пайдалануу, өзүнө алууну көздөө. **Суук ооз** — заар тилдүү, кер ооз. **Суук көз** — жаман ниеттеги, жаман пикирдеги киши, жат киши. *Суук көзгө карааны Беш-алты жүз чамалуу* (Тоголок Молдо). **Суук тумшук** — жек көрүндү. *Иштебегендер элге-журтка суук тумшук болуп калучу* (Байтемиров). **Суук тийүү** — суукка урунуудан организм ооруга чалдыгуу, сезгенүү. *Суук тийгенби, айтор, мурдун шор тартып утур-утур шыпшынат* (Байтемиров). **Суукка алдыруу** — үшүтүп жиберүү. *Акбар кулагы менен бетин суукка алдырып жибериптир* (Убукеев).

СУУКТУК *зат.* 1. Суук экендик. *Ысыкта, сууктукта тыным албай, Кургады суусуз чөлдө катып таңдай* (Бөкөнбаев).

2. Сууй баштагандык, баштагыдай болбой калган мамиле. *Улам-улам сууктук аралай берди* (Сыдыкбеков).

СУУЛА *этиш.* Суу менен нымдоо, суу кошуп, суу жугузуп коюу. *Бекиш чүпүрөктү суулап келип досканы сүртту* («Ала-Тоо»).

СУУЛАН суула этишинин өздүк мамилеси.

СУУЛАТ суула этишинин аркылуу мамилеси.

СУУЛОО суула этишинин кыймыл атоочу.

СУУЛУК I *зат.* 1. Жүгөндүн ооздук темирине төнөлүк аркылуу тизгин, чылбырдын туташтырылган бөлүгү. *Аттар ооздугун кемирип, суулугун шылдырата берет* (Сыдыкбеков). *Жакып тор кашканы кош суулуктан алып, кыймылдатпай кармап турду* (Шүкүрбеков).

2. *диал.* Ооздук. *Табына келген буудандар Суулугун чайнап кемирет* (Токтогул).

СУУЛУК II *зат.* Сүлгү; суу жоолук, кол аарчы. *Белен турган ак баржак суулукту алып сүртүнүп, кургандым* (Убукеев).

СУУЛУК III *зат. диал.* Жаанда кийүүчү суу өткөрбөс кийим, плащ.

СУУЛУКТА *этиш.* Суулуктан кармоо (жүгөндүн суулугу жөнүндө). *Экөөнү эки жигит суулукташып, Дагдаңдап кыналыша келе жатты* (Аалы).

СУУЛУКТОО суулукта этишинин кыймыл атоочу.

СУУЛУУ *сын.* Суусу бар; нымдуу, суусу көбүрөөк. *Кайнак суулуу, ысык буулуу боёо цехи ушул* (Сасыкбаев).

СУУН суу этишинин өздүк мамилеси.

СУУР I *зат.* Ийинде жашап, кышкысын чөөнге кире турган кемирүүчүлөр тобуна жатуучу жапайы айбан. *Үч-төрт суур аңкышпап кире качты* (Жантөшев).

СУУР II *этиш.* Кындан, катылуу жерден же бир нерсенин арасынан алып чыгуу, тартып чыгуу. *Кара болот нар кескен Кындан алып сууруп* («Манас»). *Таңыракай жигит чөнтөгүнөн «Беломорканал» папиросун сууруп чыкты* (Жантөшев). *Көкүрөктөн бир ыкшап, Сууруп ташта найзамды* («Курманбек»).

СУУРМА *зат.* Шкафтын, столдун жана башка мебелдердин суурулуп алынуучу ящиги. *Мына бул гардеробго кийимдерин илип, астындагы суурмасына бут кийимдерин чечип коюшат* («Ала-Тоо»).

СУУРТ суур этишинин аркылуу мамилеси.

СУУРУЛ суур этишинин туюк мамилеси.

СУУРУУ суур этишинин кыймыл атоочу.

СУУСА *этиш.* 1. Чаңкоо, суу, суусун ичкиси келүү. *Суусаганда жагымдуу Балдан таттуу аккан суу* (Тоголок Молдо). *Түндө мен суусаганда бул кымызды эмне үчүн мага беришкен жок* (Каимов).

2. Суу тилеп туруу, сугарууну талап кылып туруу. *Суусап жаткан эгинди Кандырасың Ак-Буура* (Аалы).

3. *өт.* Эңсөө. *Куду башатка жамыраган козулардай, кыргыздын илимге суусаган балдары мектепке ашыкты* (Сыдыкбеков).

СУУСАР *зат.* Териси баалуу майда жырткыч айбан жана анын териси. *Суу боюнда көрүнбөй, Суусар бойлойт жылтылдап*(Осмонкул). *Ичин суусар ичтетип, Тышын булум тыштатып* («Манас»).

СУУСАТ сууса этишинин аркылуу мамилеси.

СУУСОО сууса этишинин кыймыл атоочу.

СУУСУН *зат.* 1. Суусагандык, чаңкагандык. *Толкуп аккан булактан Суусунун мыктап кандырды* («Эр Төштүк»). *Дарбыздан суусун канат.*

2. Суусунду кандыруучу, суусаганда ичүүчү суюктук. *Колунан колхоз кызы суусун берди* (Үмөталиев).

СУУСУНДУК *зат.* Суусагандыкты кандыруучу суюктук, суу, суусун. *Конок-тор.. суусундукка кымыз иче башташты.*

СУУТ I *зат.* Суугандык, сууп тапка келгендик (күлүк атка карата). *Суутун жакшы кандырган, Көк шиберге чалдырган* (Тоголок Молдо).

СУУТ II суу этишинин аркылуу мамилеси.

◆ **Суутуп коюптурбу** — «баруунун эч жөнү жок», «сага эмне бар» деген мааниде колдонулат. *Мага окшогон кетменчилерге ал жакта суутуп койду дейсиңби* (Маликов). **Из суутуу** — көп убакыт өткөрүү, унуткаруу, эскиртип жиберүү. *Эптеп изин суутуш үчүн катташууну азайтат* («Чалкан»).

СУУЧУ *зат.* 1. Сугатчы, суу сугарып жүргөн киши.

2. *сүйл.* Ирригатор, ирригация боюнча адис.

3. Мурап.

СУУЧУЛ *сын.* 1. Сууда жашаган, тиричилиги сууда өткөн. *Суучул кара чакылдак Бу да келди шакылдап* (Тоголок Молдо).

2. Сууда сүзүүнү жакшы билген. *Эң абал пионерлерди көлгө салып, Суучулдар кулач урду, тыныбай сурап* (Маликов). *Күркүрөп аккан шарыңдан Суучулдар өтөт сүздүрүп* (Барпы).

3. *сүйл.* Моряк, матрос. *Сүрдүү флот, эр суучул, Турат сени каптырып* (Үмөталиев). *Айгышкан жоосун кыйратканг Суучулдун турган жери экен* (Үсөнбаев).

СУФЛЁР *зат.* Театрда ролдун сөздөрүн актёрго шыбырап айтып туруучу киши.

СУФФИКС *зат.* Уңгудан кийин уланып, сөзгө жаңы маани берүүчү аффикс; сөз жасоочу мүчө; куранды.

СУХАРЬ *зат.* Жука кесилип кургатылган нан.

СУЮК *сын.* 1. Суу сыяктуу куюла турган; коюу эмес. *Суюк айран. Суюк жарма.*

2. Сейрек, суйдак, калың эмес, биринсерин. *Көкүлү суюк, жибек жал, Көзү чолпон жылдыздай* (Осмонкул). *Суюк чыккан токой жыгачтары.*

◆ **Аягы суюк** — жүргүч, бузук жолго түшкөн. *Аягы суюк зайыпка Кыйшаңдуу айткан сөз жакшы* («Мендирман»). **Каны суюк** — кызуу кандуу, токтоп тура албаган. *Бала баатыр жалгызым, Каны суюк жаш бала* («Курманбек»).

СУЮКТУК *зат.* 1. Суюк түрдөгү заттар.

2. Суюк заттарга таандык касиет.

СУЮЛ *этиш.* Суйдак тартуу, суюк болуу, сейректенүү, бирин-серин болуу. *Эми андагы калың токой суюлган кез* (Сыдыкбеков). *Суюлат жылдыз таң менен* (Барпы). *Коюу аш суюлгудай болду го* («Ала-Тоо»).

СУЮЛТ суюл этишинин аркылуу мамилеси.

СУЮЛУУ суюл этишинин кыймыл атоочу.

СҮБӨӨ *зат.* Кабыргалардын бүткөн жериндеги кыска чемирчек сөөк; денеенин ошол бөлүгү. *Койдун сүбөөсү. Сүбөөгө саюу.*

СҮДРӨ *туурасы:* **сүйрө.**

СҮЗ I *этиш.* Мүйүзү менен челип алуу; башы менен бир тийүү. *Жанына уй жолосо эле сүзөт* (Бейшеналиев). *Көзү бозоргон там сүзөт* (макал).

◆ **Сүзө качыруу** — түздөн-түз, тикеден-тике качырып кирүү, кирип баруу, барып калуу. *Көздү жумуп үйүңөргө сүзө качырып келип калдык, кечиресиз! — деди Акбар* (Убукеев).

СҮЗ II *этиш.* Сууда калкып жүрүү, чабак уруп жүрүү, сууда жүрүү, суудан кайык, кеме ж. б. менен же чабак уруп өтүү. *Үстүндө сүзөн өрдөк, каз Эркиндеп учкан турбайбы* (Турусбеков). *Кемелер сүзөн көгүлтүр Днепр жээгин сүрөттөп, Мыскалды кызыктырышкан* (Сыдыкбеков). *Сууну сүзүп өтүп жатат Эр солдаттар кайраттуу* (Шамшиев).

2. Коюусу менен суюгун бири-биринен чыпкалап же бир нерсе аркылуу өткөрүп ажыратуу. *Какылдак жапма челегин ачып, бозо сүздү* (Сыдыкбеков). *Кесме сүз.*

3. Абада, асманда калкып, сызып өтүү. *Асманда сүзүп жүргөн ай сыяктуу, Деңизге мен түшөйүн, толкун, айда!* (Шимеев).

◆ **Көзүн сүзүү** — көзүн жума тургансып сүзүлтүү, көшүлүп уйкуга кетип бараткандай көрүнүү. *Айна көпкө чейин көзүн сүзүп ойлоно отурду* (Убукеев).

СҮЗГҮЧ *зат.* Суюктуктан коюу нерсени (мисалы, кесмени) сүзүп алуу үчүн колдонулуп турган буюм, курал.

СҮЗДҮР сүз этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЗМӨ *зат.* Айрандан, жууратган сүзүп (суусун сарыктырып) алынган азык жана анын сууга эзилгендегиси. *Жан аякка суу алып, сүзмөдөн чаңыт эзишти* (Жантөшев). *Муздак сүзмө жутасыңбы? — деди бир келин* (Жантөшев).

СҮЗӨК *зат.* 1. Этти ысытып, калтыратып, жөөлүтүп кармай турган жугуштуу оору. *Токол болсо төшөктө, Сүзөк менен ооруптур* («Мендирман»).

2. Гонорея.

СҮЗӨКТӨ *этиш.* Сүзөк менен ооруу, ушул илдетке чалдыгуу.

СҮЗӨНӨК *сын.* Сүзүп жиберүүчү, көп сүзгөн. *Сүзөнөк үй. Сүзөнөк кочкор.*

СҮЗҮЛ *этиш.* 1. Эрдин кымтып, көзүн сүзүп созулуу, көшүлүңкү, каалгыган абалда болуу. *Суйсалып сулуу сүзүлбө,*

Сулуулугуң өңүңдө (Токтомушев). *Сүзүлгөн жакшынакай жеңелерге салам де* («Чалкан»).

2. Жыртыла баштоо, күчү кетип жукарып калуу. *Ала кийиздер да сүзүлүп жыртыла баштаган* (Байтемиров). [*Алиманын көйнөгү*] *жамаачы талап кылгансып, көп жери сүзүлүп калыптыр* (Абдукаримов).

СҮЗҮЛТ сүзүл этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЗҮЛҮҮ сүзүл этишинин кыймыл атоочу.

СҮЗҮҮ сүз этиштеринин кыймыл атоочу.

СҮЗҮҮШ сүз этиштеринин кош мамилеси.

СҮЙ *этиш.* **1.** Ашык болуу, эркек аялды же аял эркекти жактырып, көңүлүн салып калуу, сүйүүгө берилүү. *Жарооке сулуу кыз сүйсөң , Жашчылыгың бир кызык* (Токтогул).

2. Жакшы көрүү, кадырлоо, урматтоо. *Алыскы сүйгөн жерди эстеп, Акырын Жапар ырдады* (Бөкөнбаев). *Ким берилип сүйбөсүн Көтөрүп баккан энени* (Бөкөнбаев). *Урмат менен Ленинди Сүйгөн элди карачы* (Токтогул).

3. Бир ишти же бир нерсени каалап калуу, ошого берилип калуу, жактыруу. *Китеп окууну сүйүп калыпмын, — деди Шекер* (Убукеев). *Агасы Табылды тамаша сүйгөн шайыр жигит го* (Сыдыкбеков).

4. Өбүү, жыттоо, эркелетүү. *Кучактачы, сүйчү беттен балаңды!* (Турусбеков). *Маңдайынан да бир сүйүп калууга, Токтоп бербес, токтотууга күч жетпес* (Осмонов).

СҮЙГҮНЧҮК *сын.* Сүйүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу. *Сүйгүнчүк уулум жанымда* («Ала-Тоо»).

СҮЙГҮНЧҮКТҮҮ *сын.* Сүйүктүү, сүйкүмдүү, жагымдуу. *Каныбектин көзүнө Эркин сүйгүнчүктүү учурады* (Жантөшев). *Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү* (макал).

СҮЙДҮР сүй этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙКӨ *этиш.* Сүртүү, майлоо, жугузуу. *Энесине таарынып, каймак сүйкөп берген нанды жебей келген Сатай да курсагынын ачканын сезген жок* (Сыдыкбеков).

СҮЙКӨН сүйкө этишинин өздүк мамилеси.

СҮЙКҮМ *зат.* Жагымдуулук, сүйүктүүлүк, жакшынакайлык. *Жүзүндө сүйкүм да бар, сүрү да бар, Тулкусу шамдагай деп берет кабар* (Аалы). *Ал кезде үнү сүйкүм, ыры көркөм, Эч жигит болгон эмес менден өткөн* (Аалы).

СҮЙКҮМДҮҮ *сын.* Сүйкүмү бар, сүйүктүү, сүйгүнчүктүү, жагымдуу, жакшынакай. *Толукшуган жайдын мемиреген кечки жели денеге сүйкүмдүү болуп турат* (Жантөшев). *Тескей Ала-Тоо кандай сулуу, кандай сүйкүмдүү* (Абдумомунов).

СҮЙКҮМДҮҮЛҮК *зат.* Сүйкүмү барлык, сүйкүмдүү көрүнгөндүк, жагымдуулук, жакшынакайлык. *Бардыгы тең Татыбекке сүйкүмдүүлүк менен мамиле кылды* (Байтемиров).

СҮЙЛӨ *этиш.* Бир нерсе жөнүндө сөз кылуу, кеп салуу, сөз менен пикирин билдирүү, айтуу. *Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө* (макал). *Колуңдан келсе сүйлөй бил Ушул баштан орусча* (Токтогул).

СҮЙЛӨМ *зат.* Аякталган ойду билдирүүчү грамматикалык байланыштагы сөз же сөздөрдүн тизмеги. [*Күлүш*] *кээде бир канча сүйлөмдү окуп алып, эрдин кыбыратып, аны кайталап жаткандай болот* (Байтемиров). *Жай сүйлөм. Суроолуу сүйлөм. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр.*

СҮЙЛӨН *этиш.* **1.** Өзүнчө эле кобурап сүйлөй берүү. *Ары басып, бери басып сүйлөнөт, Бирдемени келтире албай күйөнөт* (Шамшиев).

2. Жемелөө, жекирүү, ачууланууу. *Көк дөө турду күүлөнүп, Күлайымга сүйлөнүп* («Эр Төштүк»). [*Салык*] *Базарбекке күпүлдөп сүйлөнүп жүрдү* (Каимов).

СҮЙЛӨНТ сүйлөн этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙЛӨНҮҮ сүйлөн этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙЛӨӨ сүйлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙЛӨӨК *сын.* Көп сүйлөгөн, жаагын жанган, оозу тынбаган; тилдүү. *Ошолордой эченден Тили сүйлөөк чеченден* (Токтогул). *Сүйлөөк келин.*

СҮЙЛӨТ сүйлө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙЛӨШ сүйлө этишинин кош мамилеси.

СҮЙМӨНЧҮК сүйгүнчүк менен бирдей.

СҮЙӨ *этиш.* Жөлөө, таёо, жөлөй кармоо. *Каныбекти сүйөй отургузду,* (Жантөшев). *Колтуктан сүйөй кармап атына аткаруу.*

СҮЙӨМӨЛӨ *этиш.* **1.** Жөлөө, таёо, жөлөй кармоо. *Кичинекей сүйөмөлөп көрчү, кулунум* (Аалы).

2. *өт.* Колдоо, жөлөк, таяныч болуу. *Жардам берип, Болуп шерик, Жатты жерип, Сүйөмөлө чет элдеги бооруңду!* (Турусбеков). [*Аскар*] *да Ашымды сүйөмөлөй берди* (Сыдыкбеков).

СҮЙӨН 1. сүйө этишинин өздүк мамилеси.

2. *өт.* Бирөөгө, бир нерсеге таянуу, таяныч кылуу. *Жетимдин сүйөнөр алдуу туганы жок* (Сыдыкбеков).

СҮЙӨНҮЧ сүйөнч менен бирдей.

СҮЙӨНЧ *зат.* **1.** Жөлөк, таяныч, тирек.

2. *өт.* Колдоочу, таяныч. *Акеңден калган бир жетим, Артыңдан сүйөнч, тиregиң* («Сариҥжи—Бөкөй»). *Сүрдүккөндө сүйөнчүм* («Манас»).

СҮЙӨӨ сүйө этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙӨТ сүйө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙРӨ *этиш.* **1.** Жер же башка бир нерсенин үстү менен сүйрөлгөн, андан бөлүнүп, ажырап кетпеген абалда жылдыруу, ушундай абалда алып өтүү. *Паровоз барат бакырып, Вагонун сүйрөп ташыныр*

(Үсөнбаев). *Карагайды тамдын аркасына сүйрөп барып койгулачы* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Аракет кылып алып чыгуу, тартуу, жетелөө, алдыга карай үндөө, умтултуу. *Караңгыны билимге Сүйрөп чыккан мугалим* (Бөкөнбаев). *Жакшы эр элин өргө сүйрөйт, жаман эр элин көргө сүйрөйт* (макал).

СҮЙРӨЛ сүйрө этишинин туюк мамилеси.

СҮЙРӨҢДӨ *этиш.* Сүйрөлүнкү, өөдүксөөдүк кыймылдоо.

СҮЙРӨӨ сүйрө этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙРӨТ сүйрө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙРӨТКҮ *зат.* **1.** Сокону үстүнө коюп, сүйрөтүп алып кетүүгө колдонулуучу ача жыгач.

2. Үстүнө бир нерсе (чөп, саман ж. б.) салып сүйрөтүп ташуу үчүн жасалган жалпак чийне. *Зулай [сулуну] сүйрөткүгө зыңгырата басып алып үймөкчүлөргө таштап кетип жатат* (Байтемиров).

3. *өт.* Дайыма бирөөнүн коштондусунда сүйрөлүп жүргөн, өз алдынчалыгы жок киши.

СҮЙРӨШ сүйрө этишинин кош мамилеси.

СҮЙРҮ *сын.* Тегерек эмес, капталы, туурасы кууш, узунчасынан келген, учтанып кеткен, сөлпү. *Балка алып колдоруна сүйрү баштуу* (Бөкөнбаев). *Солондун түрүн сурасаң, Сокудай сүйрү башы бар* («Манас»). *Сүйрү таш.*

СҮЙРҮЙ *этиш.* Сүйрү тартып кетүү, учтуу, кууш, сөлпү болуп көрүнүү. *Сын тагып турган жерим жок, Сүйрүйтө бербе көзүңдү* («Советтик Кыргызстан»).

СҮЙРҮЙТ сүйрүй этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙРҮЙҮҮ сүйрүй этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙРҮЛӨ *этиш.* Сүйрү формага келтирүү. *Ашым сузгуну сүйрүлөп жасап бүттү* («Ала-Тоо»).

СҮЙРҮЛӨН сүйрүлө этишинин өздүк мамилеси.

СҮЙРҮЛӨӨ сүйрүлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙҮКТҮҮ *сын.* Сүйкүмдүү, жагымдуу; кадырлуу, жакшы көргөн, жакшынакай. *Төбү, суусу, атыр жели сүйүктүү* («Советтик Кыргызстан»). *Сүйүктүү совет өлкөбүз Эрдигине даңктанат* (Нуркамал). *Сүйүктүү жар. Сүйүктүү жаш уландар.*

СҮЙҮН *этиш.* Кубануу, шаттануу, сүйүнүчтө болуу, көңүлү куунак болуу. *Жашасын деп өкмөт, Жарды, жалчы сүйүндү* (Тоголок Молдо). *Жылдызкан сүйүнгөнүнө чыдабай алаканын шакылдатып капкылап жиберди* (Байтемиров).

СҮЙҮНДҮР сүйүнт менен бирдей.

СҮЙҮНТ сүйүн этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙҮНҮҮ сүйүн этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙҮНҮЧ *зат.* Кубаныч, кубангандык, сүйүнгөндүк, көңүл көтөрүлгөндүк. *Сүйүнүчү койнуна батпоо. Сүйүнүч үчүн ичип койгула.*

СҮЙҮНҮЧТҮҮ *сын.* Кубанычтуу, сүйүнүчү бар, сүйүнө тургандай. *Деги уулдуу болгонуңа сүйүнүчтүү экенсиң, Ашыр* (Сасыкбаев).

СҮЙҮНЧҮ *сырд.* **1.** Сүйүнө турган, кубанычтуу, жакшылык кабарды билдиргенде айтылуучу сөз. *Сүйүнчү, бир уулдуу болдук* (Аалы). *Душманга салып күйүнчү, Аташканың Семетей, О жеңе, келип калды, сүйүнчү? !* («Семетей»).

2. Ушундай кабарды угузуп, сүйүнчүлөп келген кишиге берилүүчү белек, сыйлык. *Бектур өзү минип жүрүүчү тору кашка атын сүйүнчүгө берет* (Сыдыкбеков). *Жок мурда сүйүнчүсүн бериңиз, болбосо айтпайбыз* (Абдукаримов).

СҮЙҮНЧҮЛӨ *этиш.* Сүйүнчү айтуу, кубанычтуу жакшы кабарды билдирүү, кабарлоо. *Ата-энесин эң мурун Айдай сүйүнчүлөдү* (Қаимов).

СҮЙҮНЧҮЛӨӨ сүйүнчүлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙҮНЧҮЛӨТ сүйүнчүлө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЙҮҮ I *зат.* **1.** Аял-эркектердин бири-бирине болгон ашыктык, берилип жакшы көргөндүк сезими. *Сүйүүнүн оту — өчпөс от, Өлгөнчө менмин сеники* (Аалы). *Күйөөсүнө калганда келиндин сүйүүсү тунук* (Сыдыкбеков).

2. Жакшы көргөндүк, кадырлагандык, урматтагандык, берилгендик. *Сансыз айланадагы табияттын көрүнүшүн өтө сактануу жана сүйүү менен карады* (Жантөшев). *Бир максатташ элдерге Мээримдүү жаздай сүйүүң бар* (Осмонкул).

СҮЙҮҮ II сүй этишинин кыймыл атоочу.

СҮЙҮШ сүй этишинин кош мамилеси.

СҮКСӨЙ *этиш.* Чач же сакал-мурут үрпөйүп, үксөйүп көрүнүү, ачууланган, сүрдүү абалга келүү. *Элемандын Төштүгү Айбаттанып сүксөйдү* («Эр Төштүк»).

СҮКСҮЙ сүксөй менен бирдей.

СҮЛГҮ *зат.* Жуунгандан кийин бетиколду, денени сүртүү үчүн жасалган узун тилкелүү аарчыгыч. *Абаз арыктагы суудан шашып-бушуп жуунуп, сүлгү менен сүртүнүп, орундукка чыкчыйып отура кетти* (Тәштемиров).

СҮЛДӨР *зат.* Дененин сөөк түзүлүшү, скелет; эти качкан арык дене, кебете. *Жүрөгүм түтүн, ичим чок, Сүлдөрүм калды, дарман жок* (Тоголок Молдо). *Кишилик сүлдөрүм бар, дарман кетти* (Турусбеков).

СҮЛДҮРӨ үлдүрө менен бирдей.

СҮЛКҮЛДӨ *этиш.* **1.** Термеле солксолк этүү, ыргак менен термелиңки солкулдоо. *Коңкаргаев тору жоргону минди да, сүлкүлдөгөн боюнча жөнөп кетти* (Сыдыкбеков).

2. Солкулдаган, толуп, кулпунуп турган көрүнүштө болуу.

СҮЛКҮЛДӨӨ сүлкүлдө этишинин кыймыл атоочу

СҮЛКҮЛДӨТ сүлкүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮЛӨӨСҮН *зат.* Мышыктар тукумуна кирүүчү саргыч күрөң түстүү үлпүлдөгөн жүнү бар, териси баалуу жырткыч айбан жана анын териси. *Карышкыр, илбирс, сүлөөсүн Капканыңа чабылган* (Токтогул). *Керенелүү тыбыт жоолук салынган, Сүлөөсүндөн көркөм ичик жамынган* («Ала-Тоо»).

СҮЛҮК *зат.* 1. Тузсуз сууларда болуучу, денеге жабышып алып кан соруучу курт. *Жумаш аптекадан барып 4 сүлүк сатып алды.*

2. *өт.* Бирөөнүн канын соргон, жабыркаткан, башкаларды эзген зулум. *Бир жагынан динчил залим Сүлүк болуп сорушкан* (Аалы).

СҮМБӨ *зат.* Оозунан дүрмөттөлүп атылуучу куралдарда ок, дарыны стволго салуу, ал эми тээгин басуу аркылуу атылуучу куралдарда стволду майлоо, тазалоо үчүн колдонулуучу таякча, шомпол. *Колодон кылган чоң сүмбө, Огун чыңап турду ошол* («Семетей»).

СҮМБӨДӨЙ *сын.* Келишкен, эттүү, толук (жылкыга карата). *Секиргени бургөдөй, Семиргени сүмбөдөй* («Семетей»). *Ашырдын мингени сүмбөдөй болгон кара кер быштыы* (Сасыкбаев).

СҮМБӨЛӨ *этиш.* Сүмбө менен ургулоо, уруп октоо. *Сүмбөлөп окту урайын* («Манас»).

СҮМБӨЛӨӨ сүмбөлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮННӨТ *зат.* 1. Эркек баланы отургузуу, колун адалдоо ырым-жырымы.

2. Мусулмандар сөзсүз аткарууга тийиш болгон милдет, милдеттүүлүк. *«Сөз сурамак ызаат, ат сурамак сүннөт» деп, илгеркилер айтуучу эле* (Жантөшев).

СҮННӨТТӨ *этиш.* Сүннөт ырым-жырымын жасоо, баланы отургузуу.

СҮҢГҮ *этиш.* Сууга кирип кетүү, чумкуп кирүү, аралай сүзүп жүрүү; бир нерсенин арасына кирип кетүү, аралай кирүү. *Ар бир минут алдастатып көңүлдү, Сүңгүп деңиз тереңине киремин* (Аалы). *Найза сүңгүп кирди.*

СҮҢГҮТ сүңгү этишинин аркылуу мамилеси.

СҮҢГҮҮ сүңгү этишинин кыймыл атоочу.

СҮР I *зат.* Айбат, айбаттуулук таасири, башкаларга чочулоо сезимин туудуруучу сес. *Душманың жазганабы, сүр болбосо* (Барпы). *Балдар.. айбаттуу карынын сүрүнөн чочулашты* (Сыдыкбеков).

СҮР II *зат.* Туздап кургатылган (сүрсүтүлгөн) эт. *Баканды жакшы көргөзгөн Башында майлуу сүр болот* (Осмонкул). *Коңшубуздун сүр этин Казанына салдырган* (Осмонов).

СҮР III *этиш.* 1. Бир нерсенин бетин жукалап кыруу, тегиздөө, жонуу, жылмалоо. *Мелмилдеген талаа сыдыргы менен сүргөндөй түз, сүргү менен сүргөндөй тегиз, алда нече салаа* («Советтик Кыргызстан»).

2. Жышуу, сыдырып аарчуу, сүртүү. *Абылкасым атынын жонун чөп менен сүрө кетти* (Байтемиров).

3. Кубалоо, кууп чыгуу; куугунтуктоо. *Айыгышкан душмандарды Айбат менен сүрөлүк* (Аалы).

4. Таратуу, таркатуу. *Атыр жыттуу жел жүрүп, жөө туманды туш-туш тарапка сүрө баштады* (Жантөшев). *Биздин элди темселеткен ошол караңгылыкты түбөлүккө сүрүп, мына, Ленин атанын жарыгы тегиз тийди го!* (Сыдыкбеков).

5. Жылдыруу, бир жакты көздөй багыт алдыруу. *Суу сүрүп жүрдүк. Жылкыларды берки бетке сүрүп келе кой.*

◆ **Таң сүрүү** — таң атуу, жарык боло баштоо. *Аңгычакты таң сүрүп, Чыга келди алтын күн* («Мендирман»). **Өкүм сүрүү** — 1) толук орноо, үстөм болуу. *Тым-тырыстык үй ичине кайра өкүм сүрдү* (Жантөшев). *Калыстык, адилеттик өкүм сүрсүн* (Борбугулов); 2) башкаруу, үстөмдүк кылуу, бийлик кылуу. *Өкүм сүргөн калмакка Жалпы аттанып алгыла* («Эр Табылды»). **Өмүр сүрүү** — жашоо. *Эркекаял жар болуп, Өмүр сүрсө тең кызык* (Осмонкул). *Гүлдөп өмүр сүргүлө, Эркин ойноп күлгүлө* (Турусбеков). **Доорон сүрүү** *же* **доор сүрүү** — өз эркинче болуу, өмүрүн көңүлдүү өткөрүү, жыргоо; бийлик жүргүзүп, жакшы турмушта жашоо, үстөм болуу. *Он чакты күнү жүрөлүк, Ойноп доорон сүрөлүк* («Семетей»). *Арабага ат ордуна адам чегип, Жолбундар бийлик кылып, доорон сүргөн* (Маликов). **Жыл сүрүү** — мүчөлдүн жылдары боюнча канча жашта экендигин, кайсы жылы туулгандыгын ж. б. аныктоо, эсептөө. *Жылымды сүрсөм жылкы экен* (Маликов).

СҮРГҮ *зат.* Тактайдын, ар кандай жыгачтардын ж. б. үстүн тегиздеп, жылма кылып сүрүү үчүн ылайыкталып жасалган курч миздүү темири бар аспап, курал. [*Жыгаччы*] *сүргү сүргүлөп тактай жылмалайт* (Сыдыкбеков).

СҮРГҮН *зат.* 1. Башка бир жакка (көбүнчө алыскы жерлерге) айдап жиберүү жолу менен берилген жаза жана ошол жазаны өтөө мезгили. *Село сүргүндө жүргөндөрдүн лагери болуп эсептеле турган* (Жантөшев).

2. Куугун, куугунтук. *Эзелден бизди баскан караңгылык Кеткен жок сүргүн жебей элден чыгып* (Аалы).

◆ **Куугун-сүргүн** — куугунтук, ызычуу түшүргөн, куугунтуктаган кысымчылык. *Бул кайдагы куугун-сүргүн?* (Сасыкбаев).

СҮРГҮЛӨ *этиш.* Сүргү менен сүрүү.

СҮРГҮЛӨӨ сүргүлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮРГҮЛӨТ сүргүлө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРДӨ *этиш.* Сүрүнөн жалтануу, жазгануу, апкаарый түшүү, **кысылуу.** *Тоту чыны менен Бердиден сүрдөп, дароо жооп берүүгө тили күрмөлбөдү* (Жантөшев). *Көпчүлүктүн алдында сүрдөп кетем* (Сыдыкбеков).

СҮРДӨН сүрдө этишинин өздүк мамилеси.

СҮРДӨӨ сүрдө этишинин кыймыл атоочу.

СҮРДӨӨН *зат.* Көпчүлүктүн шары, агымы. *Элдин сүрдөөнү. Көчтүн сүрдөөнүнөн калбай илгерилей бергиле* («Ала-Тоо»).

СҮРДӨТ сүрдө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРДҮГҮҮ сүрдүк этишинин кыймыл атоочу.

СҮРДҮК *этиш.* Сүрүлө мүдүрүлүп кетүү, бараткан күүсүндө бутун сүйрөй жыгылуу, сүрүлө жыгылуу. *Эр билеги эшилет, Тулпар ташка сүрдүгөт* (Осмонов).

СҮРДҮР сүр этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРДҮҮ *сын.* Сүрү бар, сүрү катуу, айбаттуу. *Жоого сүрдүү азамат. Ал атасына сүрдүү тигиле карады* (Абдумомунов).

СҮРӨ *этиш.* 1. Коштоо, ат жарышта атты коштоого алуу же дем берип, кыйкырык-чуу салуу, сүрөөнгө алуу. *Күчүң кетип баратса, Күрөңүңдү сүрөйүн* («Курманбек»).

2. Кубаттоо, кубаттап коштоп кетүү, кайрат берүү, сүрөөн салуу. *Куру бекер балдарды сүрөбөй , өз колуңа кетмен ал* (Сыдыкбеков). — *Черте түш, аке!* — *дешип комузчуну сүрөп коюшат* (Сыдыкбеков).

3. Алга чыгаруу, алга үндөө, дем берүү, илгерилетүү. *Балбылдаган совет туусу жеңиштерге сүрөдү* (Аалы). *Айланайын калың журт, Алдыңа салып сүрөгүн* (Токтогул).

СҮРӨМӨЛ *зат.* Сүрөөн; сүрөөнчү. *Аннанын көрсөткөн мамилеси бул карыптардын көңүлүнө сүрөмөл болду* (Байтемиров).

СҮРӨМӨЛӨ *этиш.* Сүрөмөлгө алуу; сүрөөгө алуу; түртүү берүү, кубаттоо, коштоо. *Жалчы табын сүдөмөлөп жорголоп, Калсын сыя ак кагазда шорголоп* (Бөкөнбаев).

СҮРӨМӨЛӨӨ сүрөмөлө этишинин кыймыл атоочу.

СҮРӨӨ I *зат. дин.* Курандын бир главасы, бөлүмү.

СҮРӨӨ II *зат.* 1. Ат чабышта, жарышта атты сүрөшкөруксат кылынган жер, чек.

2. Сүрөөн. *Ушул тажрыйбалуу адистер жаштарды сүрөөгө алышты* («Ала-Тоо»).

СҮРӨӨ III сүрө этишинин кыймыл атоочу.

СҮРӨӨН *зат.* 1. Ат чабышта ж. б. учурларда коштоп сүрөгөн, дем берген кыйкырык-чуу. *Буркут менен ителги кыйкырык-сүрөөндө жаалына келет* (Каимов). *Ат чабышта сүрөөн салуу.*

2. Душманын сездендирүү, үрөйүн учуруу максатында чабышка, урушка киргендеги кыйкырык-чуу, айбат. *Баатыр Сыргак, эр Алмаң, Бакырып салып чоң сүрөөн* («Манас»).

3. *өт.* Чакырык, алга чакырган ураан; алга тарткан, дем берген жардам. *Батырактар түшүндү Партиянын сүрөөнүн* (Қалык). *Туугандар, — деди Жапар күлүп, — сиздер эки жылдан бери «Өрнөк» колхозун сүрөөнгө алып, чоң жардам бердиңиздер* (Баялинов).

СҮРӨӨНЧҮ *зат.* 1. Атты марага чейин сүрөп жеткирүүчү киши. *Сүрөөнчү түшүп, эл дүрбүп, Ат келет деп жатканда* («Эл акындары»).

2. Қыйкырык-сүрөөн салган, кыйкырып кубаттап турган киши.

СҮРӨӨЧҮ сүрөөнчү менен бирдей.

СҮРӨТ I *зат.* 1. Бир нерсенин элеси, чагылышы, көрүнүшү, кебетеси. *Көз алдыма жаңы сүрөт тартылды* (Сыдыкбеков). *Көз алдыман шумдуктуу Кыз сүрөтү кетпеди* («Мендирман»).

2. Қагазга же башка нерсеге түшүрүлгөн бир нерсенин элеси, кебетеси, көрүнүшү, сөлөкөтү; портрет, фотокарточка, иллюстрация. *Сүрөткө түшүү. Сүрөт тартуу. Китептин сүрөттөрү. Сүрөт искусствосунун көрөзмөсү.*

3. Шапыйып өңүнөн азган кебете, абдан арыктаган кебете, өң. *Арыкбай өңүнөн азып, сүрөт эле болуп калыптыр* (Абдукаримов).

4. *сүйл.* Абдан сулуу, карап эле турарлык, кооз. *Улак өтө эле сулуу, Тим эле сүрөт* (Шүкүрбеков).

5. Драмалык чыгармаларда жаңы декорацияны талап кылуучу көрүнүшү, көшөгөнүн бир бөлүгү.

6. Жүгөрүнүн сотосунун жаңыдан байлай баштаган, бирок сүт толо элек кези.

СҮРӨТ II сүрө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРӨТТӨ *этиш.* Бир нерсе, окуя же көрүнүш жөнүндө элестүү түрдө баяндоо, элесин берүү, элестетип айтып берүү, көз алдыга келтире айтуу. *Шахтёрлордун өмүрүн сүрөттөп жазууга не жетсин* (Сасыкбаев). *Көгүлтүр Днепр жээгин сүрөттөп, Мыскалды кызыктырышкан* (Сыдыкбеков). *Зарыл энесин атайын чочутмак үчүн коркунучтуу окуяны сүрөттөй берет* (Сыдыкбеков).

СҮРӨТТӨЙ *сын.* Сүрөт сыяктуу, сулуу, келишимдүү, жарашыктуу, кооз. *Талаасына көз чаптырсаң, Тартып койгон сүрөттөй* (Маликов). *Сүрөттөй сүйкүм сүзүлгөн жеңе, Көркүңө көзүм түшүргөн жеңе* (Осмонов).

СҮРӨТТӨЛ сүрөттө этишинин туюк мамилеси.

СҮРӨТТӨӨ сүрөттө этишинин кыймыл атоочу.

СҮРӨТТӨТ сүрөттө этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРӨТТҮҮ *сын.* 1. Сүрөтү бар,сүрөттөр тартылган, сүрөтү көп.

2. Драмалык чыгармаларда жаңы декорацияны талап кылуучу көрүнүштөрү бар. *Колхоз курулушу жаңы башталгандагы окуядан алынып жазылган 2 көшөгөлүү 4 сүрөттүү драма* (Бөкөнбаев).

СҮРӨТЧҮ *зат.* Сүрөт тартууга шыгы бар, сүрөт тарта билген киши; художник; фотограф. *Кыргызстандын жаш сүрөтчүлөрү жараткан жаңы чыгармалар. Жаңаша басып бара жаткан чакта, Кезигип жаш сүрөтчү жазбай тартса* (Үмөталиев).

СҮРСҮ *этиш.* 1. Туздалып, көпкө сактоого ылайыкталып кургоо (сүр эт жөнүндө). *Сүзмө ичирип, сүрсүгөн жал жедирип, Сүйүнтөлү суттуу уйкулуу баланы* (Осмонов).

2. *өт.* Эскирүү, көпкө жатып калуу. *Сүрсүгөн эски талкан.*

СҮРСҮТ сүрсү этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРСҮҮ сүрсү этишинин кыймыл атоочу.

СҮРТ *этиш.* 1. Аарчуу, сүрө аарчуу, сүрүү, жануу. *Абакең далай суртөкөн мандай терин* (Маликов). *Таштын кичинекей кезегин алып, койчу алаканына сүртсө, көө жукту* (Сасыкбаев).

2. Үстүнө жукалап сыйпоо, сүйкөө. *Нанга майды, балды сүртүп туруп, алды менен Айганышка сунду* (Байтемиров). *Осмо коюп кашына, Майдан сүртүп чачына* («Мендирман»).

СҮРТТҮР сүрт этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРТҮЛ сүрт этишинин туюк мамилеси.

СҮРТҮН сүрт этишинин өздүк мамилеси.

СҮРТҮҮ сүрт этишинин кыймыл атоочу.

СҮРҮЛ сүр этишинин туюк мамилеси.

СҮРҮН *этиш.* 1. Сүрдүгүп кетүү, сүрүлө мүдүрүлүү. *Ат сүрүнүп ала сала бергенде, Эсти жыйгам, баратамын алсырап* (Аалы). *Даша боордон мүдүрүлө, сүрүнө үйүн көздөй чуркады* (Сасыкбаев).

2. Куулуу, өйдө-төмөн сүрүлүү, куугунтукталуу. *Тең келе албай көктө сүзгөн ак булут, Уялгандай тоодон тоого сүрүнөт* (Аалы).

СҮРҮНДҮ *зат.* 1. Жыгачтын сүргү менен сүргөндө келип чыккан ичке, жука тилкеси.

2. Куугунтук; куугунтукка, сүргүнгө учурагандык. *Бозоргон шордуу байкуш баш, Эми сен болгонуңбу сүрүндү* («Олжобай менен Кишимжан»).

СҮРҮҮ сүр этишинин кыймыл атоочу.

СҮРҮШТҮР *этиш.* Сураштыруу, тапкычтоо, ар кимден сурамжылоо. *Ийнесинен жибине чейин сүрүштүрүп бүткөндөн кийин, Алымды эзрчитип үйүнө кирди* (Жантөшев). *Тапкычтап бир жарым ай сүрүштүрүп, Түйүнүн ушакчынын араң чечтик* (Аалы).

СҮРҮШТҮРТ сүрүштүр этишинин аркылуу мамилеси.

СҮРҮШТҮРҮҮ сүрүштүр этишинин кыймыл атоочу.

СҮТ I *зат.* 1. Балдарын тамактандыруу үчүн аялдардын жана сүт эмизүүчү айбандардын ургаачыларынын эмчегинен чыгуучу ак түстөгү азыктык зат. *Козусунда сүткө тойбогон токтусунда түрткөнүн койбойт* (макал). *Бээнин сүтү· Уйдун сүтү. Эне сүтү.*

2. Кай бир өсүмдүктөрдөн же анын мөмөсүнөн чыгуучу ак түстөгү суюктук, суюк маңызы. *Гозолордун ак гүлдөрү ачылып, Апийимдин сүтү таамп чачылып* (Осмонкул).

3. Сабагынан, жалбырагынан сүт чыккан айрым өсүмдүктөрдүн аттарын түзүүдө колдонулат. *Сүт тикен. Сүт куурай.*

◆ **Эне сүтүн актоо** — энеси, эл-журту ыраазы болгудай кызмат өткөрүү, эмгек сиңирүү, эрдик көрсөтүү. *Күрөшүп силер менен жан беремин, Антпесем кантип актайм эне сүтүн!* (Турусбеков). *Ата-журт кызматына жанды берип, Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!* (Бөкөнбаев). **Сүттөн ак** — таза, күнөөсү жок, эч күнөөсүз, жаман ою жок. *Мезгилсиз кеткен уулумдун ниети сүттөн ак эле, сага жамандык ойлочу эмес эле* (Абдукаримов). **Элик сүтүн берүү** — өзү төрөп, өзү эмизбесе да өз баласындай кылып асыроо, багып. өстүрүү. *Алым—Айшанын элик сүтүн берип баккан баласы.* **Оозунан сүтү кете элек** — али жаш, тажрыйбасы жок, быша элек. *Ойронум абам барында, Оозуман сүтүм кете элек* («Эр Табылды»). **Эне сүтүн оозуна татытуу** — көрбөгөндү көргөзүү, сазайын берүү. *Эне сүтүн оозуна татытып, сүй жыгуучу* (Убукеев). **Бөдөнөнүн сүтү** — арак, ичкилик. *Бөдөнөнүн сүтүнөн да анча-мынча жутушту* (Абдукаримов). **Сүт бото** — сүт эмген, энесинен бөлүнө элек бото.

СҮТ II *зат.* Алган карызды төлөгөндө эсепке (сүткорго) үстүнө кошуп берилүүчү пайда, карыздар аркылуу туудурулган процент. *Сүткө берүү. Сүтү мынча болот деп карыз берүү — сүткорлукка жатат.*

СҮТКОР *зат.* Пайда, процент туудуруу шарты менен карызга мал, акча ж. б. бере турган киши.

СҮТТӨ *этиш.* Сүт кошуу (мис., чайга). *Сүттөгөн чай.*

СҮТТӨЙ *сын.* Сүт сыяктуу ак, аппак; таза, күнөөсүз . *Ай сүттөй жарык. Сүттөй таза болуп чыга келдиңби?* («Ала-Тоо»). *Көңүлү сүттөй ак.*

СҮТТҮҮ *сын.* Көп сүт бере турган, сүтү көп. *Сүттүү уй. Сүттүү бээ.*

СҮФ *сырд.* Дем салганда айтылуучу сөз. *Кыштакка жаңы мектеп салган убак, «Суф» дечүлөр калган убак* (Барпы).

СФЕРА *зат.* 1. Шар же анын ички бети (жер шары, асман мейкиндиги жөнүндө). *Жердин сферасы.*

2. Чөйрө, айлана; кайдайдыр бир аракетгин же таасирдин таралуу чөйрөсү.

СХЕМА *зат.* 1. Кандайдыр бир системаны, түзүлүштү, бир нерсенин ички байланыштарын жөнөкөйлөштүрүп көрсөткөн чийме, план.

2. Билдириле турган нерсенин жалпы түзүлүш мазмуну, түзүлүшү.

СХЕМАЛА *этиш.* Схемага салуу, схемага келтирүү, схема түрүндө түзүү.

СХЕМАЛАН **схемала** этишинин өздүк мамилеси.

СХЕМАЛАТ **схемала** этишинин аркылуу мамилеси.

СХЕМАЛОО **схемала** этишинин кыймыл атоочу.

СХЕМАЛУУ *сын.* Схемасы бар; схема түрүндө.

СХЕМАЛЫК *сын.* Схема түрүндө берилген; жалпы жонунан берилген.

СХЕМАТИЗМ *зат.* Даяр схемалар менен гана ойлоочулук; бир нерсе жөнүндө схема түрүндө гана берүүчүлүк.

СХОЛАСТИКА *зат.* 1. Чиркөө эрежелерин курулай эле формалдык логикалык, аргументтердин, ой жоруулардын негизинде жактоо, актоо максатын көздөгөн орто кылымдардагы идеалисттик философиянын багыты.

2. Турмуштан жана практикадан таптакыр ажыраган, курулай баш катыруучулук, начётчиктик.

СХОЛАСТИКАЛЫК *сын.* Схоластикага таандык.

СЦЕНА **сахна** менен бирдей.

СЦЕНАРИЙ *зат.* 1. Кыймылды толук түрдө баяндаган жана ошонун негизинде кинофильм түзүлүүчү адабий чыгарма.

2. *театр.* Сахнага чыгуучу адамдардын сахнага чыгуу тартиби, убактысы кошо көрсөтүлгөн тизмеси.

СЦЕНАРИСТ *зат.* Кинофильм сценарийинин автору.

СЧЁТ *зат.* 1. Бир нерсе үчүн төлөөгө тиешелүү болгон акча суммасы көрсөтүлгөн документ.

2. *бухг.* Финансы иштери боюнча жүргүзүлүүчү операциялар, ошондой эле кандайдыр бир мекеменин, ишкананын финансы жагынан болгон операцияларынын бухгалтериялык учётун көрсөтүп туруучу документтер.

СЧЕТОВОД *зат.* Счет боюнча операциялардын учетун, бухгалтериялык учётту жүргүзүп туруучу кызматкер, специалист.

СЧЕТЧИК *зат.* 1. Эсептөөнү, саноону жүргүзүүчү киши, эсепчи.

2. Бир нерсенин эсебин, санын алып туруучу прибор. *Машинанын счётчигин карасам, Токсон миңден эчак кеткен артылып* (Аалы).

СЪЕЗД *зат.* Кандайдыр бир ири уюмдардын, коомчулуктун өкүлдөрү катышкан коомдук-саясий же илимий мүнөздөгү жыйналыш. *Партиянын съезди. Мугалимдердин съезди. Өнөр жай кызматкерлеринин съезди.*

СЫБЫЗГЫ *зат.* 1. Жыгачтан же камыштын өзөгүнөн ичи көңдөйлөтүлүп жасалган үйлөмө музыкалык аспап. *Сыбызгы чоор ызылдап, Жез най үнү тызылдап* («Манас»).

2. *өт.* Сызылып, сызгырылып чыккан үн. *Сыбызгы жумшак жели бар, Жайкалган жатык бели бар* (Тоголок Молдо).

СЫБЫЗГЫТ *этиш.* Сыбызгынын үнүнө окшотуп, сызылта үн, дабыш чыгаруу. *Орузбек сыбызгыта ышкырып, колун алыска шилтеди* (Сыдыкбеков).

СЫБЫЗГЫТУУ **сыбызгыт** этишинин кыймыл атоочу.

СЫГЫЛ 1. **сык** этишинин туюк мамилеси. 2. Кысылуу, кысталуу. *Автобуска сыгылып атып араң түштүк* («Чалкан»).

СЫДЫР *этиш.* Бир нерсени сыйда тартып түшүрүү, сыйда тартып, кыса тартып алып түшүү, ажыратуу; бир нерсенин үстүнөн кыркалекей сүрүп өтүү, тегиздөө. *Мезгилсиз түштү жалбырак Сыдырып бирөө чачкандай* («Мендирман»). *Төөлөр кетти бетинче Талдын башын сыдырып* (Аалы). *Козунун ичегисин сыдырып жаткан Бурма менен дагы бир келин.. акырын күлүштү* (Аалы). *Чакадагы жүгөрүнү үбөлүк менен сыдырып, үстү тегиз болгонун 8 кг өлчөмүндө деп эсеп кыла бердик* («Жаш ленинчи»).

СЫДЫРГЫ *зат.* Көктү, кайышты тегиз кылып тилүү үчүн ылайыкталып жасалган, бир жагында оюкчасы бар тилке жыгач; чакага, капка салган эгинди сыдырып тегиздей турган түз жыгач, үбөлүк. *Мелмилдеген талаа сыдыргы менен сыдыргандай түз* (Убукеев).

СЫДЫРМАК **сыдыргы** менен бирдей.

СЫДЫРТ **сыдыр** этишинин аркылуу мамилеси.

СЫДЫРУУ **сыдыр** этишинин кыймыл атоочу.

СЫДЫРЫЛ **сыдыр** этишинин туюк мамилеси.

СЫДЫРЫМ *зат.* Эртели-кеч болуучу кишини ичиркенткен салкын жел. *Аңкыган таза сыдырым жалбырактарды дирилдетет* (Сыдыкбеков). *Жогортон соккон сыдырым тыйылып, кырман да тынчыды* (Айтматов).

СЫЗ I *зат.* Ным, нымдуулук, нымдуу, муздак жер. *Сыз жерге отурбагылачы, балдар* («Ала-Тоо»). *Жаткан жерим сыз болду, Жайда мага кыш болду* (Токтогул).

◆ **Сызга отуруп калуу** — алданып калуу, караманча куру калуу, такыр айрылып калуу. *Жер -суусун тарттырып жиберип, томаяктар сызга отуруп калышты* (Абдукаримов).

СЫЗ II *этиш.* 1. Кагаз бетине же башка нерсенин бетине чийме түшүрүү, чийүү, сызык жүргүзүү. *Доскага бир нече сызык сызып, жаңы сабакты баштоого киришти* («Ала-Тоо»).

2. Жазылган нерсени чийип өчүрүү, үстүнөн сызып жокко чыгаруу. *Менин фамилиямды тизмеден сызып салышты* («Чалкан»).

3. *өт.* Жол салуу, жолун көрсөтүп кетүү. *Бара жаткан жолуңар Лениндин сызган сызыгы* (Барпы). *Лениндик жол — туура сызган эң кенен, Элдер келет Ленин баскан из менен* (Шамшиев).

4. Боо же сызма жасоо. *Сызма сызып жатышат. Боо сызып берейин.*

СЫЗ III *этиш.* 1. Канат сермебей каалгып учуу, канат сермебей зымырап түз учуу; тез учуу. *Узак жолго чыккан кыз-гундар куркулдап сызып баратат* (Байтемиров). *Самолёт шаарды айланды да, батышты көздөй сызды* (Баялинов).

2. Зымырап жөнөө, зымырап өтүү, зыпылдап тез жүрүү, жылт коюу. *Боом, Кочкор капчыгайдан поезд менен сызармын* (Бөкөнбаев). *Көрсөң, балдардын базарлыгынан ооз тийбей сызгысы бар* (Бейшеналиев).

СЫЗ IV *этиш.* Жылжып чыгуу, сарыгып агуу. *Семетейдин башынан Сызып-сызып кан кетти* («Семетей»).

◆ **Ичинен сызуу** — ичинен капаланууу, кайгыруу, капасын сыртка чыгарбоо, ичинен бушайман болуу. *Чиркин өлүм өксүттүң го..деп ичтен сызгандын бири Чаргын болучу* (Сыдыкбеков). **Даам сызуу** — тамак ичүү, тамак ооз тийүү. *Кимдин даамын сызсаң, миң күнү салам берип, ошол кишини сыйлап жүр* («Жомоктор»).

СЫЗГЫР *этиш.* Сары май же эриген май алуу максатында каймакты же малдын чийки майын кайнатуу, кууруу. *Каймак сызгыр. Малдын ич майын сызгыр.*

СЫРГЫРТ сызгыр этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЗГЫРУУ сызгыр этишинин кыймыл атоочу.

СЫЗГЫРЫЛ сызгыр этишинин туюк мамилеси.

СЫЗГЫЧ *зат.* Түз сызык жүргүзүү үчүн ылайыкталган курал. *Колундагы сызгыч менен түз сызыктарды сызып жатты* («Советтик Кыргызстан»).

СЫЗДА *этиш.* 1. Зыркырап ооруу. *Ошол ооруган ок тийген бут меники сыяктуу көзүм караңгылап жатты* (Айтматов). *Эне өйдө болоюн дегенде бели сыздап кетти* (Байтемиров).

2. Катуу кейиште болуу, кайгыланууу, ичтен сызуу. *Сызып кеткен алты жан, Сыздаган менен табылбайт* (Аалы). *Айтайын десе тили жок, Ичинен сыздап күйгөндүр* («Манас»). *Сыздап ыйлоо.*

СЫЗДАТ сызда этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЗДОО сызда этишинин кыймыл атоочу.

СЫЗДООК *зат.* Өзөктөнүп, томпоюп чыккан шишиктүү жара.

СЫЗДУУ *сын.* Нымдуу, сызы бар. *Турганбыз көздөн кан агып Түрмөнүн сыздуу төрүндө* (Токтогул).

СЫЗДЫР сыз II этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЗМА *зат.* Шоона сыяктуу эшилген жиптен же башка жиптерден жалпак жана узун тилке кылып токулуп же тизилип жасалган тасма. *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). Сызмага таккан чүлүк үзөңгү (Аалы). *Сызма боо.*

СЫЗУУ сыз этиштеринин кыймыл атоочу.

СЫЗЫК I *зат.* 1. Сызып түшүрүлгөн чийин; графа. *Оруздек түз-түз кош сызыктар менен колхоздун үч көчөсүн картага түшүрдү* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Көрсөтүлгөн, белгиленген жол, багыт. *Партия сызган сызыкты Билүүгө жаштар кызыкты* (Бөкөнбаев).

СЫЗЫК II *зат.* Малдын чийки майын сызгырып алгандан кийинки калган калдыгы. *Күйүк даам экен деп, Ал карабай калат сызыкты* (Шүкүрбеков).

СЫЗЫКТУУ I *сын.* Сызылган сызыгы бар, сызык түшүрүлгөн. *Сызыктуу дептер.*

СЫЗЫКТУУ II *сын.* Сызгырып алгандан кийинки сызыгы бар, сызыгы көп,сызык аралашкан. *Чарада сызыктуу май турат* («Ала-Тоо»).

СЫЗЫКЧА *зат.* 1. Кичинекей сызык. 2. Жазууда колдонулуучу дефистен саал узунураак келген тыныш белгиси, тире.

СЫЗЫЛ сыз этишинин туюк мамилеси.

СЫЗЫШ сыз II этишинин кош мамилеси.

СЫЙ I *зат.* 1. Сыйлоо иретинде көрсөтүлгөн урмат, мамиле, кадырлагандык. *Сиздин жашыңызга жетсек, жаштардан сый көрөбүз* (Сыдыкбеков). *Эчтеме жок ата менен эненден кымбат, Аларга дайым сый менен урмат* (Борбугулов).

2. Белек, сыйлык. *Эпкиндеп терип пахтаны Колхоздон байге, сый алган* (Бөкөнбаев). *Баалуу сыйдан тышкары Кошумча эмгек кошо алат* (Осмонкул).

3. Анча аралаша элек, өз кишидей болуп сиңишип кете элек. *Сый киши. Сый туугап. — Мейман адам күнөөсүз, — деп, аял сый гана имерчиктей калды* (Убукеев). *«Мыскал карындаш» дешип, ал кызга сый тааныштай мамиле кылышат* (Сыдыкбеков).

◆ **Сый кийим** — жумушка жана күндөлүк кийип жүрүүчү кийим эмес, конокко барганда, майрамда ж. б. учурларда кийүүчү кийим. **Сый тамак** — мейманысман келгенде, майрам күндөрдө ж.б.учурларда күндөлүк ичилип жүргөн тамактардан өзгөчө, түзүктөлүп жасалган тамак. **Сыйы менен** — абийирин кетирбестен, кадыр-баркы менен. *Сыйы менен кете бербей, өз абийирин өзү кетирмек болду* («Чалкан»).

СЫЙ II *этиш.* Бир нерсенин ичине батуу; батууга ылайык келүү. *Кампага сыйбас мол эгин.*

СЫЙ III: сый чабуу — түз чаппай, жаныш чабуу, сыйра, шылый чабуу. *Байбиче канатын сый чаптырган тооктой болуп козголо албай олтурат* (Сыдыкбеков). *Мээлеген жерге тийбестен, Бир жаккы колун сый койду* («Манас»).

СЫЙГАЛАК *сын.* Тайгалак, тайгак, тайгаланып кете турган. *Эшиктин алдына төгүлгөн суу тоңуп, сыйгалак болуп калыптыр* («Ала-Тоо»).

СЫЙГАЛАКТА *этиш.* Сыйгалануу, тайгалануу, тайгаланып жылбышуу. *Сыйгалактап жолсуз жерден келе жатканын кара!* (Сасыкбаев).

СЫЙГАЛАКТАТ сыйгалакта этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙГАЛАКТОО сыйгалакта этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙГАЛАН *этиш.* Тайгалануу, тайып кетүү, тайгаланып жылбышып кетүү. *[Жылдызкан] бир оокумда коонун кырынан таманы сыйгаланып үчүп түштү* (Байтемиров). *Бугимов балчыктуу каптал жолдон сыйгаланып кээде жер таяна калып келе жатты* (Сасыкбаев).

СЫЙГАЛАНТ сыйгалан этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙГАЛАНУУ сыйгалан этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙДА *сын.* Тегиз, текши, жылма. *Жыгаччы болгон адамга Сыйда сулуу тал жакшы* («Мендирман»). *Аргымак сөөк жылкыга Жибектей сыйда жал кызык* (Осмонкул).

СЫЙДАЛА *этиш.* Тегиздөө, жылмалоо, сыйда кылуу.

СЫЙДАН суйдаң менен бирдей.

СЫЙДЫР сый этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙКОР *зат.* Сыйчыл, меймандос, сыйлай билген киши.

СЫЙКЫР *зат.* Диний түшүнүк боюнча: кубулдуруп, башка бир нерсеге айландырып жиберүүчү же өз билгенин иштетип алуучу адаттан тышкары күч, таасир. *Жаныңа келген адамды Сыйкыр окуп уктатып, Бузган кемпир сенсиңби* («Эр Төштүк»). *Ажыдаар, жолборс канча аң, Сыйкыр менен мен Алманы, Жол кайтарып салдырдым* («Манас»).

СЫЙКЫРДА *этиш.* Кандайдыр бир адаттан тышкары күпуя күч, таасир аркылуу кубултуп, башка бир нерсеге айландырып жиберүү. *Дуба байлап сыйкырдап, Балдарыма жетти деп* («Эр Төштүк»).

СЫЙКЫРДУУ *сын.* Сыйкырдай турган күчү бар, сыйкыры бар. *Жети баштуу кемпирдин колунда сыйкырдуу таягы бар* («Жомоктор»).

2. *өт.* Жашырын сырдуу, табышмактуу; кереметтүү.

СЫЙКЫРЛА сыйкырда менен бирдей.

СЫЙКЫРЧЫ *зат.* Сыйкыры бар киши, сыйкырлай билген киши. *Денинде жети башы бар, Эң сыйкырчы акылман Кемпиримден айрылдым* («Эр Төштүк»).

СЫЙЛА *этиш.* 1. Сый көрсөтүү, урматтоо, кадырлоо; сый көрсөтүп тамак-аш берүү. *Бирин-бири кадырлап, Сыйлаган элди карачы* (Токтогул). *Ишиң жакшы болду эле, мүнөзүң оңолду эле, ким болбосун сенц сыйлап калды* (Байтемиров). *Кожо келсе кой союп Сыйлагандан болбогун* (Токтогул).

2. Сыйлык, белек берүү. *Эмгегиңе баа берип, Өкмөт сизди сыйлады* (Тоголок Молдо).

СЫЙЛАН сыйла этишинин туюк мамилеси.

СЫЙЛАТ сыйла этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙЛАШ сыйла этишинин кош мамилеси.

СЫЙЛОО сыйла этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙЛУУ *сын.* Кадырлуу, урматтуу, барыктай, сыйлай турган. *Булар бир колхоздун сыйлуу кары кишилери* (Сыдыкбеков). *Сыйлуу конок.*

СЫЙЛЫГЫШ сыйлык этишинин кош мамилеси.

СЫЙЛЫК I *зат.* Кадырлоо, урматтоо эмгегине, талантына баа берүү максатында акчалай, буюмдай же орден, медаль ж. б. түрүндө берилүүчү сый, белек. *Эмгекчилерге берилген акчалай сыйлык. Лениндик сыйлык.*

СЫЙЛЫК II *этиш.* Кысылып жылуу, жылышуу, жылып батышып отуруу, батышып орун алуу, батуу.

СЫЙЛЫКТЫР сыйлык этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙМЫКТА *этиш.* Сыймык көрсөтүү, урматтоо, кадырлоо.

СЫЙМЫКТАЛ сыймыкта этишинин туюк мамилеси.

СЫЙМЫКТАН *этиш.* Сыймыкка, урматтоого жетишүү, кадырлоо, урматтоого татыктуу болуу; сыймыктуу ишке кубануу, көңүлү көтөрүлүү, жетине албай калуу. *Кыргыз эли Чолпонбайдай уулу менен сыймыктанып мактанат* (Жантөшев). *Ата келип өз ордуна сыймыктана отурду* (Убукеев).

СЫЙМЫКТАНТ сыймыктан этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙМЫКТАНУУ сыймыктан этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙМЫКТОО сыймыкта этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙМЫКТУУ *сын.* Сыймыгы бар, кадырлуу, барктуу. *Советтик баатыр Армия, Сыймыктуу, даңктуу атыңды Урматтап төсүп алабыз* (Нуркамал). *Орус тили шаңдуу тил, Сыймыктуу тил сүйлөгөн!* (Үмөталиев).

СЫЙПА *этиш.* 1. Колду тийгизип сылоо, кол менен жануу, болор-болбос жанып өтүү, сылап өтүү. *Мусабек сакалын сыйпап койду* (Сасыкбаев).

2. Сүртүлүүчү, майлануучу затты экинчи бир нерсеге сүртүү, майлоо, шыбоо. *Эриндери эндик сыйпап алгандай кыпкызыл* (Сасыкбаев). *Агарыңкы көрүнөт, Жериңе акиташ сыйпап коёбу* (Осмонкул).

◆ **Жылан сыйпагандай** — тыптыйпыл, такыр эчтемеси жок. *Үйүнүн ичи жылан сыйпагандай.*

СЫЙПАЛ сыйпа этишинин туюк мамилеси.

СЫЙПАЛА *этиш.* Сыйпап кармалоо, кол тийгизип кармалоо. *Маржан бир колуна куурай кармап, бир колу менен коломтону таппай сыйпалады* (Жантөшев). *Жерди сыйпаласам, колума бир бодур таш илинди* (Баялинов).

◆ **Таппасаң сыйпалап кал** — дал өзүн таптың, так үстүнөн чыктың.

СЫЙПАЛАТ сыйпала этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙПАЛОО сыйпала этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙПАН сыйпа этишинин өздүк мамилеси.

СЫЙПАТ сыйпа этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЙПОО сыйпа этишинин кыймыл атоочу.

СЫЙРА *зат.* 1. Ирет, катар, жол. *Кесөл эшиктин алдына суу сээп, бир сыйра шыпырып чыкты* (Каимов).

2. Кырка, катар-катар жол. *Жол бой сыйра тигилген алча багынын жыты жытанат* (Бөкөнбаев).

СЫЙРУУ сыйыр этишинин кыймыл атоочу.
СЫЙРЫ сыйыр менен бирдей.
СЫЙРЫЛ сыйыр этишинин туюк мамилеси.
СЫЙЫМДУУ *сын.* Көп сыя турган, ичи кенен. *Сыйымдуу идиш.*
СЫЙЫМДУУЛУК *зат.* Сыя тургандык, батымдуулук, сыя турган ченем, өлчөм. *Сыйымдуулугу 5 литр келген идиш.*
СЫЙЫН *этиш.* 1. *дин.* Кандайдыр өтүнүч, тилек менен кудайга, олуяга, пайгамбарларга ж. б. кайрылуу, табынуу, кулдук уруу. *Кол башындай алтын бут, Койнунан алып сыйынып* («Семетей»). *Эшен, калпа сыйынган Сулайманды тагы бар* (Барпы).
2. *өт.* Таянуу, таяныч кылуу, ишенүү, бел кылуу. *Байлыгына сыйынып, элди, туугандарды көзүнө илбеген зөөкүр* («Ала-Тоо»). *Кимге сыйынасың, сенин менден бөлөк күйүшөрүң барбы?* («Ала-Тоо»).
СЫЙЫНТ I *зат.* Баш калка, калканч. *Ушундай! Кыргызымдын алы начар, Кең сыйынт боло албады чоочун мекен* (Аалы). *Сарайдын эшиги ачык. Жол жүрүп кечигип калган киши жалгыз мына ушул. Кербен сарайдан өзүнө сыйынт табат болучу* (Абдукаримов).
СЫЙЫНТ II сыйын этишинин аркылуу мамилеси.
СЫЙЫНТТА *этиш.* Сыйынт кылуу, баш калкалоо, калканч кылуу. *Уч карышкыр.. бала сыйынттаган боз үйдүн ордундай тектирчедеги издерди шимшилешти* (Аалы).
СЫЙЫНУУ сыйын этишинин кыймыл атоочу.
СЫЙЫР I *зат. диал.* Уй. *Сыйыр саа.*
СЫЙЫР II *этиш.* 1. Терини же кабыкты ажыратуу, этинен ажыратып алуу. *Койчу тоо текенин терисин сыйрып жиберип, көөдөнүн алып, таш кордо жасады* (Сасыкбаев). *Өгөөдөй болгон кыл аркан алакандарын кабартып, терисин сыйрып жиберди* (Аалы).
2. Жамынчыны, кийимди ж. б. алып коюу, алып таштоо. [*Бубуш*[*чарага жапкан жамынчыны сыйрып таштады* (Ала-Тоо»). *Далдаңдап бул катарда Келгенбай бар, Боо чечип, сыйрып жүгүн таңган* (Турусбеков).
СЫЙЫРТ сыйыр этишинин аркылуу мамилеси.
СЫЙЫРТМАК *зат.* Моюнга илинтип тартканда муундура турган же илинтип кармап алууга ылайыктап жасалган жиптин, аркандын ж. б. илмеги. *Сыйыртмак салып мойнуна Акыры минтип жайладым* («Олжобай менен Кишимжан»). *Азоолорду сыйыртмак салып кармоо.*
СЫЙЫРТМАКТА *этиш.* Сыйыртмак кылып байлоо; сыйыртмак кылып тартуу; сыйыртмак салуу.
СЫЙЫШ сый этишинин кош мамилеси.
СЫК *этиш.* Кысуу, сыгылтуу, бир нерсенин ичиндегисин кысып чыгаруу. *Каныбекти сыга кучактап, эки бетинен эки өптү* (Жантөшев).

◆ **Сыгып алма** — абдан суу, шөмтүрөгөн. *Ак жаан сөөгүнөн өтүп, кийим сыгып алма болду* (Байтемиров). **Битин сыгып канын жалаган** — абдан зыкым, сараң. *Өмүшбайдын мурдагы эле ач көздүгү, битин сыгып канын жалай турган сараңдыгы* (Абдукаримов).
СЫКМА *сын.* Сыгып чыгара турган, кысып чыгара турган, сыгып ала турган. *Сыкма май.*
СЫЛА *этиш.* Колду акырын тийгизе сыйпап, жанып өтүү, сыйпай тийип өтүү; эркелетүү. *Магдырап жаткан бөбөктүн Маңдайын Жапар сылады* (Бөкөнбаев).
◆ **Сылай жүктөө** — толук жетишээрлик өлчөмдө жүктөө. **Сылап-сыйпап багуу** — жакшы багуу, жакшы кам көрүп багуу, өстүрүү. *Кашаң карагерин сылап-сыйпап, жайдыр-кыштыр жемден өксүк кылбай багат* (Бейшеналиев). **Сылай камчылануу** — чала-була тийгизе, жаный камчылануу.
СЫЛАН *этиш.* Жасанып-түзөнүү, сылап-сыйпануу. *Сыланып жакшы кийинген өңдүү-түстүү немелер экен* (Бейшеналиев). *Тотудай боюм сыланып, Торкону кийдим жылтылдап* (Осмонкул).
СЫЛАНКОРОЗ *сын.* Сыланып-сыйпанганды, жасанып-түзөнгөндү жакшы көргөн, көйрөң. *Сен эмне, жерден бооруңду көтөрө албай жатып сыланкороз боло баштагансың* («Чалкан»).
СЫЛАТ сыла этишинин аркылуу мамилеси.
СЫЛОО сыла этишинин кыймыл атоочу.
СЫЛТУУ сылты этишинин кыймыл атоочу.
СЫЛТЫ *этиш.* Бир аз аксоо, бир аз аксандап басуу. *Майчынын аты Маадан-бек, Сол бутунан сылтыган* (Осмонов). *Асан карыя өмгөктөп туруп таягын алып, сылтып эшикке карай басты* (Аалы).
СЫЛТЫК *сын.* Сылтып баскан, сылтыган. *Кең талаанын келечегин көрдү окшойт Жымың этти, солбуп сылтык аягын* (Аалы).
СЫЛЫК *сын.* Сыпайы, орой эмес, сыпаа, адептүү. *Адамдын турдуусундө түрдүү кылык, Бирөө орой, бирөө митаам, бирөө сылык* (Турусбеков). *Балдар сылык өссө, көңүлүң көтөрүлүп калат* (Абдукаримов).
СЫЛЫКТЫК *зат.* Сыпайылык, орой эместик, сылык болгондук, орой сүйлөбөгөндүк, адептүүлүк. *Сылыктыктын белгиси — алыш-бериш, ынтымактын белгиси — барыш-келиш* (макал).
СЫМ *зат.* Электр тогун өткөрүү, бир нерсени ороо, тануу, байлоо ж. б. иштерге, айрым музыкалык инструменттерге колдонулуучу, жип сыяктуу жумуру жана ичке келген металл.
◆ **Сымга тарткандай** — түз, тегиз.
СЫМАК *жанд.* Сыяктуу, өндүү, сымал. *Каныбек жарча зоонун алдыкдагы уңкур сымак көбөлгө кирди* (Жантөшев).
СЫМАЛ *жанд.* Сыяктуу, өндүү, сымак. *Үйдүн чыгыш тарабындагы дөң сымал түзгө көп киши чогулган* (Жантөшев).

СЫМАП *зат.* 1. Күмүш түстүү мөлтүлдөгөн суюк оор металл, химиялык элемент.

2. *өт.* Мөлтүлдөгөн, мөлтүрөгөн. *Шылдыр-шылдыр сымап суулар, Сымап суулар көйкөлөт, Көк шибери ойногонсуп, Ойногонсуп сөйкөнөт* (Аалы).

3. *өт.* Колго токтобогон, мүлтүлдөк, жойпу. *Тигине, тирүү сымап турагы жок, Купуя, майда кытмыр эсеби бар* (Аалы). *Азыр аның аты Калтабай эмес, Калтабай-сымапка айланган* (Аалы).

СЫМАПТАЙ *сын.* Сымап сыяктуу мөлтүлдөгөн, мөлтүрөгөн. *Сымаптай мөлтмөлт этет көзүмдөн жаш* (Үмөталиев). *Сызылат тоодон жылтылдап, Сымаптай суусу булактын* (Бөкөнбаев).

СЫМБАТ *зат.* Келбет, турпат. *Сымбаты сулуу чүрөктөй* (Осмонкул). *Жийдегүлдүн сымбаты кыз чагындагыдай шыңкыйып сыйда* (Сасыкбаев).

СЫМБАТТУУ *сын.* Келбеттүү, сымбаты келишимдүү, сындуу, көрктүү. *Зейнеп апа кандайдыр ички элжирей, Саадаттын толмоч, сымбаттуу мүчөсүнө көз жиберет* (Айтматов). *Алдындагы аты күмүш ээр токум токулган сымбаттуу тору кашка* (Каимов).

СЫН I *зат.* 1. Бир нерсенин, иштин сапаты жекандай экендиги жөнүндө жүргүзүлгөн талдоо, айтылган пикир, берилген баа. *Жолдоштук сын. Адабий сын. Басма сөз — сындын эң күчтүү куралы* («Коммунист»).

2. Сапат, келбет, сымбат. *Чу койгондо бөлүнүп, Тулпардык сыны көрүнүп* («Эр Төштүк»). *Сыны жакшы жигит.*

◆ **Сын тагуу** — бирөөнү сындоо, андан өйдөсүнүп сынга алуу, тыңсынуу. *Көйрөң туугап азамат, Көрүнгөнгө сын такпай, Өз турмушун оңдосун* (Осмонкул). **Буга сын жок** — сынга ала турган эч нерсеси жок, сындоонун кереги жок, мыкты, сонун. *О кокуй, Акматбекке сын жок, ал өз ишин эң сонун билет* («Ала-Тоо»). **Сын көз менен кароо** — туура жерлери менен кемчилигин ажырата кароо, байкап, сынай билүү. *Кайратын көрүп кан Кошой, Сын көзүн аныкалганы* («Манас»). *Бирок кандай, Чоочун жандай, Сын көз менен карашың* (Нуркамал). **Сын атооч** — заттардын белгисин, өңүн, сынын, сыпатын көрсөтүүчү сөз түркүмү. **Сында жок** — артыкча, тигиндей-мындай деп айтуу кыйын, мыкты, сонун. *Улуктугуң сында жок, Төштүк* («Эр Төштүк»).

СЫН II: сын сөөк — абдан арыктаган, шалдайып алы кеткен. *Аскаларда отурган сын сөөк жорулар мүрлөрүн шалдайтып... айланасын көңүлсүз, жалоороуй тиктешти* (Аалы). **Сыны туташуу** — бүткөн бою жазылбай курушуу, кучунашы кармоо. *Карышкыр сыны туташып, буурукан сүрү менен ар койду бирден булкуп өлтүрүп кете берет* (Жантөшев).

СЫН III *этиш.* 1. Бүтүн нерсеге сынык пайда болуу, бөлүнүп, ажырап кетүү, бүктөлүп жик кетүү, жарака кетүү. *Үйдөй чым асманга учту жер тытылып, Качырап карагайлар жатты сынып* (Үмөталиев). *Өйдө тартса — өгүз өлөт, ылдый тартса — араба сынат* (макал). *Устасы жакшы келишсе, Сынган буюм оңолот* (Осмонкул).

2. *өт.* Уят болуп калуу, көңүлү, демин сууп калуу, деси кайтуу; бөөдө чыгымга, зыянга учурап калуу; мүдөөсүнө жете албай уят болуп калуу. *Сөзгө сынды. Шагы сынды. Назары сынды. Көңүлү сынды.*

СЫНА *этиш.* Сын, сыпаты, мүнөзү ж. б. жөнүндө белгилүү бир пикирге келүү, баа берүү; байкап көрүү; сынга алуу. *Көрүп туруп Канышай Курманбекти сынады* («Курманбек»). *Абдан күлүк болот деп, Аксакалдар сынаган* (Осмонкул). *Бул Төштүктүн кыйынын Жана сынап көрөйүн* («Эр Төштүк»).

СЫНАК *зат. сүйл.* Сыноо. *Жакында өсүп ат болуп, Сынактан өтүп кез толуп* (Аалы).

СЫНАЛ сына этишинин туюк мамилеси.

СЫНАМАЛ *сын.* Сыналган, сыноодон өткөн. *Өзүмө сынамал болгон ат.*

СЫНАТ сына этишинин аркылуу мамилеси.

СЫНАШ сына этишинин кош мамилеси.

СЫНДА *этиш.* Сынга алуу, сын берүү, сыноо, сынап билүү. *Мурунку, эмки күндү ылгагыла, Кайсы күн жарык экен сындагыла* (Калык). *Кыялымды сындадым, Көргөндө сизди ырдадым* (Барпы).

СЫНДАЛ сында этишинин туюк мамилеси.

СЫНДАТ сында этишинин аркылуу мамилеси.

СЫНДОО сында этишинин кыймыл атоочу.

СЫНДУУ I *сын.* Келишимдүү, келбеттүү, сыны мыкты. *Сабыр дөбөгө чыкканда сындуу бою балдардын көзүнө сүрдүү, сүйкүмдүү көрүндү* (Сыдыкбеков). *Сымбатын таап ырдайлык, Балам, сындуусу чыгат келинден* (Токтогул).

СЫНДУУ II *жанд.* Окшош, сыяктуу, өндүү. *Бийикте деңиз сындуу көпкөк асман, Тоо башын көлөкөлөп булут баскан* (Аалы). *Коё берсе арыштап, Кулан сындуу жүгүргөн* (Осмонкул).

СЫНДУУЛУК *зат.* Келишимдүүлүк. *Боюнун сындуулугун көрүп, жаш кызга көзү түшкөндөр көп болду* («Ала-Тоо»).

СЫНДЫР сын этишинин аркылуу мамилеси.

СЫНДЫРЫМ *зат.* Сындырып алынган бир бөлүк, ошончолук көлөмдөгү өлчөм (көбүнчө нанга карата). *Бир сындырым нан үчүн, Мына ушинтип там салдык* (Турусбеков).

СЫНМА: сынма котур — бүткөн бойго жыш чыккан котур. *Илгери сынма котур болуп да туура кырк күн бел чечкен эмесмин!* (Сыдыкбеков).

СЫНОО I *зат.* 1. Сынга салуу, текшерип көрүү үчүн жүргүзүлгөн байкоо. *Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот* (макал).

2. *эс.* Экзамен.

СЫНОО II сына этишинин кыймыл атоочу.

СЫНУУ сын этишинин кыймыл атоочу.

СЫНЧЫ *зат.* Сын берүүчү; сынга алып сапатын көрсөтүүчү киши, сындоочу киши. *Ата—балага сынчы* (Сыдыкбеков). *Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол* (макал). *Адабий сынчы.*

СЫНЧЫЛ *зат.* Сынагыч, сын бергич, сынчы. *Эне сынчыл, сынай турган кези көп* («Ала-Тоо»).

СЫНЫГУУ сыныk этишинин кыймыл атоочу.

СЫНЫК I *сын.* 1. Сынып калган, жарака кеткен же кетилип калган жери бар, бүтүн эмес. *Сынык ээр. Сынык казан. Сынык кетмен.*

2. Нерсенин сынган бир бөлүгү, бүтүн нерседен ажырап, бөлүнүп калган бир бөлүк. *Ашыр кумуранын сыныктарын сыйпалап издей баштады* (Сасыкбаев). *Өзү дагы ажал тапты кыраан эр, Учуп тийип гранаттын сыныгы* (Үмөталиев).

3. *өт.* Дененин сынган жери, сынуу аркылуу болгон илдет. *Сыныктын жаманы — кыйшык таңылганы, жигиттин жаманы—оозунан жаңылганы* (макал).

СЫНЫК II сылык менен бирдей.

СЫНЫК III *этиш.* Мурдагыдай болбой бир аз ийигүү, мизи кайтуу, бети кайтуу. *Күн сыныгып, айлана мелүүн тартып, жымжырттык жышанасы келип калган* (Сасыкбаев).

СЫНЫП *зат. эс.* Класс. *Дээринде бар балдар биринчи сыныптан эле адам болуп чыгат* (Сыдыкбеков).

СЫҢАР *сан.* Бир, жалгыз, жалкы, көбүнчө кош нерсенин бири, түгөйү. *Сынчынын сыңар өтүгү майрык* (макал). *Сыңар жанга жол айтып, Кубандырган кебиң жок* («Манас»). — *Бар, балам, байкеңе сыңар мүйүз мала уйдун айранынан алып чык* (Бейшеналиев).

СЫҢАРЫ *жанд.* Сыяктуу, окшош. *Так ушунун сыңары Калмураттын быйылкы карызы көбөйгөндөн көбөйүп баратат* (Абдукаримов).

СЫҢАРЫНДАЙ сыңары менен бирдей.

СЫПАА *сын.* Сылык, сыпайы, адептүү. *Сөөгү таза, сөзү сыпаа, жакшы кыз.* (Сыдыкбеков). *Жигит айтар кебин белендеп, сыпаа туруп «карындаш» деп бурулат* (Сыдыкбеков).

СЫПАЙГЕРЧИЛИК *зат.* Сыпаалык, сыпайылык, сылыктык, адептүүлүк. — *Мында отуруңуз, — деп Кулбашка бирөө сыпайгерчилик менен орун берди* (Абдукаримов).

СЫПАЙЫ *сын.* 1. Сылык, сыпаа, адептүү, тартип сактаган. *«Ээ баатыр, жол болсун» — дейт, өйдө турбай, Беркинин сыпайы айткан жообун укпай* (Осмонов). *Бул [Иминахун] ыманы ысык бала өтө адептүү, сыпайы болуп көрүндү* (Абдукаримов).

2. Сылаңкороз, көөдөк. *Сыпайы тоңбос калтырар* (макал). *Сыпайы сырын жашырбайт* (макал).

СЫПАЙЫЛЫК *зат.* Сылыктык, сыпаалык, адептүүлүк. — *Алыңыз, мейман! — деп, сүйгүнчүктүү сыпайылык менен Алым келинге карады* (Жантөшев).

СЫПАТ *зат.* Сын, келбет, кебете. *Сыпатың көрктүү балбандай, Тырмагың болот канжардай* (Тоголок Молдо). *Теке жоомарт Телтору ат Сын-сыпатыn кем эмес Бугу менен маралдан* («Курманбек»).

◆ **Сый-сыпат** — сый, сыйлагандык, кадырлагандык. *Сый-сыпатын көрсөтүп, Экиден табак тарттырып* («Мендирман»).

СЫПАТТА *этиш.* Сыпатын көрсөтүү, сүрөттөп көрсөтүү, мүнөздөө, баяндоо. *Жаш талант толкун козголуп, Сыпаттап жаздым кубанып* (Бөкөнбаев).

СЫПАТТАЛ сыпатта этишинин туюк мамилеси.

СЫПАТТОО сыпатта этишинин кыймыл атоочу.

СЫПАТТУУ *сын.* Сындуу, келбеттүү, сыпаты келишкен. *Кетем десең кете койчу Нур сыпаттуу бурач белим* (Шимеев).

СЫР I *зат.* 1. Бузулбай көпкө сакталып, сапатын жоготпоо, көрктүү болуу үчүн жыгачтан, темирден ж. б. жасалган буюмдарды, курулуштун бөлүктөрүн, машиналарды ж. б. сырдоого жумшала турган боёк заты. *Пол сырдай турган сыр. Темирдин сыры. Сары сыр. Көк сыр.*

2. Ушундай зат менен сырдалган, кооздолгон. *Алымбубу сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип Жапарга сунду (Баялинов).Бапестелип сыр бешикке бөлөндүм* (Бейшеналиев).

СЫР II *зат.* 1. Ички ой -пикир, жашыруун сактаган ой-пикир, ички сезим. *Миң кишинин атын билгенче, бир кишинин сырын бил* (макал). *Жакшынын сыры ичинде, жамандын сыры сөзүндө* (макал). *Аныk сырың айтпасаң, Сенин тилиң албаймын* («Манас»).

2. Айтууга, жарыя кылууга болбой турган жашыруун маалымат, кабар. *Душманына алданып, Элиңдин сырын сатпагын* (Токтогул). *Кылдаттык менен абайлап, Жоонун сырын алгыла* («Мендирман»). *Сүйлөдү кат маанисин курдашына — Согуштук сыр эмес да жашыргандай* (Үмөталиев).

3. Кандай экени али билине элек белгисиздик, табышмактуулук. *Биздин бабалар тоонун ички сырын ачууга күчсүз болушту* (Сыдыкбеков).

4. Кулк-мүнөз, кыял-жорук, өздүк (жекече) сапат. *Татыбектин сыры белгилүү да* (Байтемиров). *Аттын сыры ээсине маалым, кыздын сыры төркүнүнө маалым* (макал).

◆ **Сыр көрсөтүү** — кыр көрсөтүү, сес кылуу. *Ал сыр көрсөткөндөй үнүн бийик чыгарып жоп берди* («Советтик Кыргызстан»).

СЫР III *зат.* Атайын жолдор менен сүттөн жасалган азык. *Айша колундагы сырды жукалап кесип жатты* («Ала-Тоо»).

СЫРАЙ *этиш.* 1. Сороюп чыгып туруу, бутун же куйругун соройтуп көтөрүү.

2. Жыгылуу, кулап жыгылуу. *Ойкуп Манас кеткенде Он эки балбан сырайып*

(«Манас»). *Башың менен жер сайып, Сыраясың активим* (Үмөталиев).

3. Чычайып элден бөлүнүү, менменсинүү. *Сырайып деле кишиге жакын жолобогон неме экен* («Ала-Тоо»).

СЫРАҢДА *этиш.* 1. Кайра-кайра сырайып көтөрүлө берүү, сороктоо.

2. Эдиреңдөө, күчөнүп сүйлөө.

СЫРГА *зат.* Кооздук үчүн кулакка салынуучу алтын, күмүштөн, асыл ташдардан ж. б. жасалган жасалга, сөйкө. *Жүзүм форма алтын сырга Кулагында дирилдейт* (Аалы). *Кулагында кыздардын Күйгөндөй каухар сыргасы* (Үмөталиев).

◆ **Кулагына сырга кылуу** — унутпай тургандай кылып айтып коюу, эсине салып коюу.

СЫРДА *этиш.* Сыр менен майлоо, боёо. *Караса журтта Табылдынын сырдаган таш мамысы жатат* («Эр Табылды»).

СЫРДАЛ сырда этишинин туюк мамилеси.

СЫРДАТ сырда этишинин аркылуу мамилеси.

СЫРДАШ I *сын.* Сырын билген, мурдатан сыр айтышып жүргөн. *Биз өтө эле жакын, бири-биринен эч теме жашырбас сырдаш курбулар сыяктуу элек* (Айтматов). *Каныш байбиче Айымжан экөө сырдаш кишилер* (Сыдыкбеков.)

СЫРДАШ II *этиш.* Сырын айтуу, сыр айтышуу, сыр алышуу. *Бир гана Гүлнар болду менин барып, Жүрөктүн дартын козгоп сырдашканым* (Үмөталиев). *Чечилишип сырдашсаң, Көкүрөктөн муң кетер* (Токтогул).

СЫРДАШ III сырда этишинин кош мамилеси.

СЫРДАШТЫР сырдаш этишинин аркылуу мамилеси.

СЫРДАШУУ сырдаш этишинин кыймыл атоочу.

СЫРДУУ I *сын.* Сырдалган, сыр менен боёлгон, сыр жуккан. *Көк сырдуу дарбаза.*

СЫРДУУ II *сын.* Сыры бар; табышмактуу, али ачыла элек, купуя, жашыруун. *Көрүнгөнгө айтпагын Жашыруун сырдуу кебиңди!* («Мендирман»). *Турмуш — күрөш, Күрөшкүлө! Турмуш —сырдуу, ачкыла* (Аалы).

◆ **Бир сырдуу** — бир мүнөздүү. *Жигит кырк кырдуу, бир сырдуу болот* (макал).

СЫРКОО *зат.* Оору, ноокас, табы жоктук, бейтап. *Сыркоо адам.*

СЫРКООЛО *этиш.* Ооруп калуу, ноокастоо, сыркоо, бейтап болуу. *Алымкул арка кылган Кулбаш сыркоолоп төшөктө жатат* (Абдукаримов).

СЫРКООЛУУ *сын.* Оорулуу, нсокас, сыркоолоп калган. *Медпунктта врачтар сыркоолуу малчыларды кабыл алып, кеңешин айтып, дары-дармек берүүдө* («Ала-Тоо»).

СЫРНИК *зат.* Быштак менен жумурткадан кичинекей калама өндөнтүп жасалган азык.

СЫРТ *зат.* 1. Ички тарапка, ички бөлүккө карама-каршы жак, тышкары жак.

2. Бир нерсенин тышы, тышкы бети, кабатталган, катмарланган нерсенин эң сыртқы бөлүгү. *Дептердин сырты. Сырты калың кийим. Сырты кара беркү бар, Сырттан Манас каркыбар* («Манас»).

3. Оолак болгондук, сырткары тургандык, катышы жоктук. *Ушак-айың сөздөрдөн сырттамын. Жамандыктан сырттамын.*

4. Өз көзүнчө эмес, өзүнүн катышы, аралашуусу жоктук. *Сыртынан мактоо. Сыртынан кол коюп жибере салуу.*

5. Бир жагы миздүү куралдын мизине карама-каршы келген экинчи жагы. *Кетмендин сырты. Бычактын сырты. Балтанын сырты.*

6. Бийик тоолуу жерлердеги бөксөлөр, бөксө тоолор, адырмак сымал жерлер. *Сырт жайытын кыштаган үйлар келе элек* (Убукеев). *Ысык-Көлдүн сырттары.*

◆ **Сырт кийим** — сырттан кийилүүчү кийимдер (мисалы: пальто, чапан, ичик ж. б.). **Сырттан окуу** — окуу жайларындагы күндөлүк сабактарга, лекцияларга үзгүлтүксүз катышпастан, көбүнчө өз алдынча даярданып окуй турган окуу системасы. **Сыртын салуу** — жактырбаган түр көрсөтүү, жакшы мамиле кылбоо, мурчуюп калуу. *Данияр Жамийлага таң калгандай тыктүйө карап, сыртын салды* (Айтматов). **Бычак сырты** — жука, калыңдыгы бычактын сыртынчалык; аз эле, бир аз. *Батыш өз боюн жогору көтөрүп, Гүлнардан бычак сырты өйдө тургандай болот* (Сыдыкбеков). *Муруту жаңы келаткан Бычак сырты кылтыйып* (Осмонкул).

СЫРТКАРЫ тышкары менен бирдей.

СЫРТҚЫ *сын.* Сырт жактагы, тыш жактагы. *Сырткы эшик. Сырткы бөлмө. Сырткы катмар.*

СЫРТТА *этиш.* 1. Четтөө, обочолоо. *Келинче качып сырттабай, Келсеңчи, балам, жаныма* (Токтогул).

2. Сыртынан каптоо, тыш кылуу, тыштоо. *Алтымыш теке терисин Сырттап кылган кандагай* («Эр Төштүк»).

СЫРТТАН *зат.* 1. Жомоктордо айтылуучу качырганын куткарбас, короого сак, мыкты ит. *Мал баксаң кой бак—каймак кетпейт чарадан, Ит баксаң сырттан бак — кой алдырбайт короодон* (макал).

2. *өт.* Баатыр, эр жүрөк, чыгаан, мыкты. *Сырттан туган эр Төштүк, Кырк жылы басса жыртылгыс, Кыйындап чокой тартынды* («Эр Төштүк»). *Чыныгүл сырттаны эле кыздардын* (Жантөшев).

СЫРТТУУ *сын.* 1. Сырталган, сырты бар, тыштуу.

2. *өт.* Кыртыштуу, семиз. *Майлуу, сырттуу кабырга.*

СЫРЬЁ *зат.* Өнөр жайларында иштетиле турган материалдар. *Пахтачылар өлкөгө көп арзан сырьё берүү үчүн күрөшүп жатышат* («Коммунист»). *Тери сырьёсу. Сырьё булактары.*

СЫЯ *зат.* Кандайдыр бир боёк заттын жазуу үчүн колдонулуучу эритмеси. *Сары саптуу калемди сыяга улам малып коюп..*

Сыдык үңкүйүп отурат (Жантөшев). *Өз алдынча кобурагандинар колун силке берип, баракка сыя тамызды* (Сыдыкбеков).

◆ **Сыя челек** — сыя куюп коюу үчүн арналган идиш. *Бир топ сыя челек тизилип, терезенин түбүндө турат* (Баялинов).

СЫЯГЫ *мод.* Болжолдоо, болжоп айтуу үчүн колдонулуучу сөз. *Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек эле* (Баялинов).

СЫЯК *зат.* 1. Бир нерсенин кебетеси, кейпи, түрү. *Алтымыш айры бугудай Шаңкайып турат сыягы* («Манас»). *Сыягы башка, заары күч, Ал капырдан күдөр үз* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Окшош, сымал, сыяктуу. *Мөндүр сыяк ок болсо, Кайтпай жүрсөң —жигиттик* (Барпы).

СЫЯКТАН *этиш.* Окшоп, сыяктуу болуп көрүнүү. *Кайраттуу сыяктанып жүрчү элең, сага эмне болду?* (Байтемиров). *Чоң киши сыяктанып көрүнүү. Керектүү буюм сыяктанат.*

СЫЯКТАНТ сыяктан этишинин аркылуу мамилеси.

СЫЯКТАНУУ сыяктан этишинин кыймыл атоочу.

СЫЯКТУУ *жанд.* Өндүү, окшош, шекилдүү. *Көрүп жүрөм көз менен: Мен сыяктуу туткундун Далайы ачтан өлгөнүн* (Токтогул). *Чубалган ак жибек сыяктуу пахтанын булалары аны өзүнө тартат* (Байтемиров).

СЫЯПАТ *зат.* Урмат, сый, урматтагандык. *Улгайган кишилер үйгө келгенде жаштары орундарынан тура калып, «келиңиз» деп сыяпат кылыш элдин салты* (Аалы). *Жоокерлеринен тартып генералдарына чейин бизди күтүшүп, сый, сыяпатын көрсөтүштү* (Бөкөнбаев).

СЭЭЛДЕ *этиш.* Азаюу, басаңчалоо. *Сугат жумушу сээлдесе, отоо, чабык баштапалат* (Сыдыкбеков).

СЭЭЛДЕТ сээлде этишинин аркылуу мамилеси.

СЭЭЛДӨӨ сээлде этишинин кыймыл атоочу.

СЭЭР I *зат.* 1. Чыгыштагы $\frac{1}{16}$ жыңга туура келе турган салмак чени.

2. Чыгыш Түркстандагы акча бирдиги. *Бүттап алтын сээр сайдым* («Эр Төштүк»).

СЭЭР II сыйкыр менен бирдей.

СЭЭР III *зат.* 1. Ийин менен моюндун кошулган жери.

2. Аттын өркөчүнүн алды жагы. *Соорусу бийик, сээри бас.*

СЭЭР IV: сээр салуу — көңүл буруу, көңүл бөлүү. *Керимбай жолуккан кишилерге көбүрөөк сээр сала турган болду* (Каимов). *Айдайга сээр салбай салмактаныш Көк-Дөбөдөгүлөрдүн кимисине болсо да сыймык* (Аалы).

СЭЭРЧИ *зат.* Сыйкырчы. *Сээрчи кемпир, сак болгун, Катуулап оозун жайбагын, Как талаада калбагын* («Эр Төштүк»).

СЮЖЕТ *зат.* Көркөм чыгарманын мазмунун түзүп, катышуучуларынын мүнөзүн ачып көрсөтө турган өз ара байланыштуу жана ырааттуулук менен өсүп-өнүгүп отуруучу окуялардын жыйындысы. *Пьесанын сюжети. Сюжеттин өнүгүшү.*

СЮИТА *зат. муз.* Ар түрдүү мүнөздөгү пьесалардан түзүлүп, бир идеяга багындырылган музыкалык чыгарма.

Т

ТАА *зат.* Чүкөнүн алчысынын карамакаршы жагы. *Каныбек калчаган чүкө таасынан барып конду* (Жантөшев).

◆ **Алчы-таасын жеген** *к.* **алчы.**

ТААЖЕЗДЕ *зат.* Таеженин күйөөсү.

ТААЖЕҢЕ *зат.* Энениң эркек бир туугануунун, туушкандарынын аялы. *Таажеңем өңүнөн азып калыптыр* (Жантөшев).

ТААЖЫ *зат.* 1. Монархиялык бийликтин белгиси катарында падышалар, хандар кийүүчү кымбат баалуу, кооздолгон баш кийим. *Арстан Манас чалкайып, Башында таажы калкайып* («Манас»). *Таажы башта жаркырап, Отурду Абыл тагында* (Жантөшев).

2. Короз, үпүп ж. б. канаттуулардын башындагы желбиреөчү. *Короздун таажысы. Үпүптүн таажысы.*

ТААЗИМ *зат.* Сый, урмат көрсөткөндүк, ызаат. *Алмамбетти көргөндө Таазим кылды чуркурап* («Манас»).

ТААЛА *зат. дин.* Кудайдын, алданын улуктугун, кереметтүүлүгүн көрсөтүүчү эпитет катарында колдонулуучу сөз. *Кудай таала. Алда таала.*

ТААЛАЙ *зат.* Бакыт, ырыс. *Илим деген аскар тоо, Чыксаң таалай табасың* (Аалы).

ТААЛАЙЛУУ *сын.* Бактылуу, ырыстуу, таалайы бар. *Жаңы жерде, жаңы шартта туулган Садагасы, сен таалайлуу баласың!* (Турусбеков).

ТААЛАЙСЫЗ *сын.* Таалайы жок, шордуу, бакытсыз.

ТААЛИМ *зат.* Үлгү, тарбия. *Далай ырчы, акынга Таалим берип, сын таккан* (Токтогул).

ТААМАЙ *такт.* Дал, так, туптуура. *Таамай атар мерген. Таамай айтылган сөз.*

ТААМАЙЛА *этиш.* Дал келтирүү, таамай кылуу, таамай болгудай кылып тууралоо, түздөө. *Балбанын кан майданда томолотуп, Таамайлап өлөр жерге сайгын деди* (Маликов). *Табылды бала айлансын, Таамайлап айткан сөзүңдөн* («Эр Табылды»).

ТААМАЙЛАТ таамайла этишинин аркылуу мамилеси.

ТААМАЙЛОО таамайла этишинин кыймыл атоочу.

ТААН *зат.* Карга тобуна кирүүчү канаттуу. *Эс тарта баштаган кезде таандын балапанын үйрөтө турган болдук* (Каимов).

◆**Чөкө таан** — тумшугу, шыйрагы кызыл таан. **Кара таандай** — көп, сансыз. *Эл кара таандай болуп, төш таяна берди* (Турусбеков).

ТААНДЫК *зат.* Бирөөгө же бир нерсеге тиешелүүлүк, тиешеси бар экендик. *Элге таандык. Көпчүлүккө таандык.*

ТААНУУ тааны этишинин кыймыл атоочу.

ТААНЫ *этиш.* Ким же эмне экендигин тийиштүү белгилери (элеси, өңү-түсү, дабышы ж. б. жактары) аркылуу ажыратып, байкап билүү; түшүнүү. *Балам, сени мен таанып турам* (Жантөшев). *Айбанды түрүнөн тааны, адамды сөзүнөн тааны* (макал).

◆**Кат тааныу** — окуу-жазууну билүү. *Көзүңдү ачып, кат тааны Билимдин кени оруста* (Токтогул). **Иштин көзүн тааныу** — иштин жөнүн, ыгын билүү, аны аткара алуу, иштей билүү.

ТААНЫЛ тааны этишинин туюк мамилеси.

ТААНЫЛГЫС *такт.* Мурдагыдай эмес, такыр башкача, тааныбай тургандай. *Мен окууну бүткөнчө бул жердеги турмуш да тааныгыс өзгөрөт* (Бейшеналиев).

ТААНЫМАЛ *сын.* Белгилүү, тааныш, мурдатан белгилүү; тез тааныла турган, оңой айырмаланган. *Осмонкул акын мен элем Өзүңөргө таанымал* (Осмонкул).

ТААНЫТ тааны этишинин аркылуу мамилеси.

ТААНЫШ I *сын.* Мурунтан билген, тааныган, мурунтан белгилүү. *Бектай бул айылдагы балдарга алябай тааныш* (Бейшеналиев). *Бир көргөн билиш, эки көргөн тааныш* (макал). *Миша ааламда болуп жаткан кабарлар менен дайыма тааныш* (Абдукаримов).

ТААНЫШ II *этиш.* Бири-биринин ким экендигин билишүү, бирин-бири тааныу. *Атын айтты Гүлжамал, Ашым менен тааныштыр* (Осмонкул). *Тааныштып койсула, өзүбүздүн оштук жигит* (Абдукаримов).

ТААНЫШТЫК *сын.* 1. Мурдатан тааныш экендик, мурдатан бирин-бири жакшы билип, тааныгандык.

2. Билгендик, кабардар экендик. *Илимий иштер менен тааныштыгы бар адам. Искусство менен мыкты тааныштыгы бар.*

ТААНЫШТЫР тааныш этишинин аркылуу мамилеси.

ТААНЫШУУ тааныш этишинин кыймыл атоочу.

ТААР *зат.* Жүндөн, кебезден, кендирден одуракай, калың согулган ткань. *Таар кап. Жерге салчу таар. Жарды байкуш жактырып Таардан жабуу жаптырып* (Тоголок Молдо).

ТААРУУ таары этишинин кыймыл атоочу.

ТААРЫ *этиш.* Араалоо, араалап кесип салуу. *Отун таары. Жыгач таары.*

ТААРЫЛ таары этишинин туюк мамилеси.

ТААРЫН *этиш.* Бирөөнүн кылган мамилесине, айткан сөзүнө ж. б. нааразы болуу, таарыныч кылуу. *Гүлнар Зарылга тааранды* (Сыдыкбеков).

ТААРЫНДЫ *зат.* 1. Таарыгандан түшкөн күкүм.

2. Таарылып түшүрүлгөн майда бөлүктөр, таарылып таштаган калдыктар.

ТААРЫНТ тааран этишинин аркылуу мамилеси.

ТААРЫНУУ тааран этишинин кыймыл атоочу.

ТААРЫНЧААК *сын.* Бат таарынып калма, тез таарына турган. *Таарынчаак кыз. Таарынчаак киши.*

ТААРЫНЫЧ *зат.* Таарынгандык. *Данийрдын таарынычы, ызасы жазылдыбы, биле алган жоклуз* (Айтматов).

ТААРЫТ таары этишинин аркылуу мамилеси.

ТААРЫШ таары этишинин кош мамилеси.

ТААСИР *зат.* Бир нерсенин экинчи бир көрүнүшкө, кубулушка тийгизген күчү. *Сабырдын чечими мугалимдердин бардыгына күчтүү таасир менен угулду* (Сыдыкбеков). *Таасириң жаздын күнүндөй, Таалайың жайдын гүлүндөй* (Бөкөнбаев).

ТААСИРДҮҮ *сын.* Таасири бар, таасир кыла алган. *Аларды ыкка көндүрүш үчүн, ошолорго тете келе турган таасирдүү киши табыш керек* (Жантөшев).

ТААСИРЛЕН *этиш.* Кандайдыр бир таасирге берилүү, бирөөнүн таасиринде болуу.

ТААСИРЛЕНТ таасирлен этишинин аркылуу мамилеси.

ТААСИРЛЕНҮҮ таасирлен этишинин кыймыл атоочу.

ТААСЫН *такт.* 1. Даана, ачык-айкын, таамай, так, анык. *Табына келген убакта, Таасын сермейт куш дагы* (Осмонкул).

2. *өт.* Ашкан, такшалган, тажрыйбалуу, машыккан. *Таасын күлүк жан элем, Ташыркап бутун жойбогон* (Токтогул). *Таасын чыккан жорго элең, Тамашаң менен таң аткан* (Осмонкул).

ТААСЫНДА *этиш.* Таасын кылуу, даналоо, тактоо, аныктоо, айкын кылуу. *Эл арасына тараган ушакты таасындап угуп, жакшылап талда* (Жантөшев). *Жаман менен жакшыны Таасындап билер курагың* (Жантөшев).

ТАБА I *зат.* Бирөөнүн башына түшкөн кайгыга, ишинин ордунан чыкпай калышына кубангандык, табалагандык. *Душманга таба, доско күлкү болбоо. Мырзабайдын үйүнүн өрттөнгөнүнө Төлөнбайдын табасы канды* (Абдукаримов).

ТАБА II *зат. диал.* Көмөч казан жана көмөч казанда бышкан нан.

ТАБАК I *зат.* Тамак-аш салууга же куюуга колдонулуучу, көбүнчө тегерек формада болгон жайпак же чүнкур идиш. *Батыш бышкан этин жыгач табакка салып*

келип, ортого койду (Байтемиров). *Табактарды жыйнап, таза жуудуруп койгула* (Жантөшев).

◆**Табак түп** — эт жегенде табактын түбүндө калган кешик.

ТАБАК II: басма табак *к.* **басма II.**

ТАБАЛА *этиш.* Табасы кануу, таба кылуу. *Эмгекчилер манаптарды алдыртан табалап, Каныбектин тилегин тилешти* (Жантөшев).

ТАБАЛОО табала этишинин кыймыл атоочу.

ТАБАРМАН *сын.* Мал-мүлк, дүнүйө таба билген, тапкыч. *Баарын көрүп жүрөсүң, Мен элем го табарман* («Кыргыз эл акындары»).

ТАБАРСЫК *зат.* Сийдик жыйылуучу жана аны сыртка чыгаруучу баштыкча сыяктуу дене органы.

ТАБЕЛЬ *зат.* 1. Эсеп-кысап же башка максаттар үчүн тийиштүү маалыматтарды каттап туруучу тизме.

2. Ишке келип-кетүү жагын учётко алып туруу үчүн жетон, номер тагылган доска же каттоо, кол коюу аркылуу белгилеп туруучу журнал.

3. Окуучулардын алган баалары жазылып, жетишүү жагы катталып туруучу баракча.

ТАБЕРИК *зат.* Касиеттүү, ыйык. *Таалайлуу таксыр Кедейкан Таберик сиздин кебиңиз* («Кедейкан»).

ТАБИГЫЙ *сын.* Табиятка, жаратылышка таандык. *Табигый байлыктар.*

ТАБИР *сын.* Дурус, түзүк, туура. *Табир иш. Табир болду.*

ТАБИЯТ *зат.* Жер бетиндеги бардык жаратылыш, бизди курчап турган материалдык дүйнө, айлана-чөйрө. *Табиятты өзгөртүү. Жалаң гана табиятка карап отура берсек, талаада калабыз* (Убукеев).

◆**Табият таануу** — жаратылыш, анын сырларын ачуу жөнүндөгү илим.

ТАБЛЕТКА *зат.* Дарынын тегерек жана жалпак формага келтирип катырылган бир бүтүнү, бөлүгү.

ТАБЛИЦА *зат.* Графа менен белгилүү бир тартипте коюлган эсептик көбөйтүү, облигацияның утушу ж. б. жөнүндөгү маалымат. *Утуш таблицасы. Көбөйтүү таблицасы.*

ТАБУ *зат.* Байыркы элдердин ишеними боюнча: кандайдыр бир аракетке, сөзгө, нерсеге карата диндик жол аркылуу коюлган тыюу.

ТАБУУ тап этишинин кыймыл атоочу.

ТАБЫЛ тап этишинин туюк мамилеси.

ТАБЫЛГА *зат.* 1. Иштеп, аракет кылып тапкан акы, олжо, киреше. *Күндөп-түндөп иштеген эмгегинин табылгасы таттуу болбосо, анан эмне таттуу болот?* (Жантөшев).

2. Жетишилген ийгилик, жаңы ачылыш. *Илимдин жаңы табылгасы. Бул поэма кыргыз окуучулары үчүн чоң табылга* («Ала-Тоо»).

ТАБЫЛГЫ *зат.* Сөңгөгү катуу келип, көбүнчө кызгылтым түстө болуучу бадал өсүмдүгү. *Табылгы саптуу камчы. Табылгы отун.*

ТАБЫН *этиш.* Кулдук уруу, сыйынуу; баш ийүү, баш уруу. *Жакасын кармап табынат. Периштенин алдына Кол куушуруп табынып* (Токтогул).

ТАБЫНТ табын этишинин аркылуу мамилеси.

ТАБЫНУУ табын этишинин кыймыл атоочу.

ТАБЫП *зат.* Сыркоо адамдын тамырын кармоочу, дарылоочу тамырчы, дарыгер. *Табыптар Алымкулду айыгат деп Жараса уу коргошун жаптырышты* (Аалы). *Табыптарын жыйдырып, Найза тийген жерине Аябай дары салдырып* («Семетей»).

ТАБЫТ I *зат.* Өлгөн адамдын сөөгүн салуучу, сөөгүн салып көтөрүүчү атайлап жасалган такта. *Күн эрте бешим кезде кепинге алып, табытка салып, ончакты адам Дарыяхандын сөөгүн көтөрүп жөнөп калышты* (Жантөшев).

ТАБЫТ II *зат.* Тапталгандык, табына келгендик (алгыр кушка, күлүк атка карата).

◆**Табыты тартуу** — бир нерсеге көңүлү келүү, пейли чабуу. *Тамакка табытым тартпайт* («Ала-Тоо»).

ТАБЫШ I дабыш менен бирдей.

ТАБЫШ II тап этишинин кош мамилеси.

2. Иштеп тапкан эмгек акы; табылга. *Сыйкы, балам, окуп алган окшойсуң, Акчаң канча бир айдагы табышың?* (Аалы).

ТАБЫШ III *этиш.* Жарашуу; элдешүү, араздашпай калуу. *Эки туугап урушат, Эртесинде табышат. Барпы аке, мен сени менен табышканы келдим* («Ала-Тоо»).

ТАБЫШКЕР *сын.* Көп иштеп тапкыч, көп кирешеге кийиргич, тапкыч. *Табышкер, саламжалдуу жигит. Өзү—дыйкан табышкер, Ойлонбогон өткөндү* (Тоголок Молдо).

ТАБЫШМАК *зат.* 1. Чечүү, жообун ойлоп табуу үчүн түзүлгөн, көбүнчө ыр сыяктуу уйкалышып келген кыска текстүү айтылыш.

2. Сыры жашыруун, белгисиз. *Мен үчүн Веранын мамилеси азырынча табышмак эле* (Шимеев). *Табият кыйын, табышмак, Таң калам дайым карасам* (Аалы).

ТАБЫШМАКТАТ *этиш.* Табышмактуу кылып, ачык эмес, белгисизирээк, купуя айтуу. *Табышмактатып оюн ачык айтпай койду.*

ТАБЫШМАКТАТУУ табышмактат этишинин кыймыл атоочу.

ТАБЫШМАКТУУ *сын.* Ачык эмес, сыры ачылбаган, жашыруун. *Ошондогу табышмактуу сөздөрүңүздүн жандырмагын айтыңызчы* (Жантөшев).

ТАБЫШТА *этиш.* Дайындоо, дайындап тапшыруу. *Шамбет сени өзүмө табыштады* (Сыдыкбеков). *Ушул жерден жылба деп, Улам-улам табыштап* («Манас»).

ТАБЫШТОО табышта этишинин кыймыл атоочу.

ТАГА *зат. диал.* Таяке. *Отурсаң, таажеңе, тагам өлгөндөн бери капа болуп жүрөсүң* (Жантөшев).

ТАГДЫР *зат.* Турмушта адамдын эркинен тышкары боло турган, башынан өткөрө турган окуя; жазмыш. *Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз, Тагдыр ошол өлчөмүнөн көп кылбас* (Осмонов).

ТАГЫЛ так этишинин туюк мамилеси.

ТАГЫН так этишинин өздүк мамилеси.

ТАГЫШ так этишинин кош мамилеси.

ТАЕЖЕ *зат.* Энесинин эжелери жана сиңдилери. *Кадыркеч кишим таежем, Калбадың чыгып эсимден* (Үсөнбаев).

ТАЕНЕ *зат.* Эненин энеси. *Үчөө жүргөн ээрчишип Таененин үйүндө* (Барпы).

ТАЁ тая этишинин кыймыл атоочу.

ТАЖА *этиш.* Жадоо, кызык көрбөй, көңүлсүнбөй калуу, айласы кетүү, убара болуу. *Колхозубуздун жетекчилерине айта берип өзубүз да тажадык, аларды да тажаттык* («Чалкан»). *Коңкаргаев баладан тажап, эч сөз таап айта албайт* (Сыдыкбеков).

ТАЖААЛ *зат.* 1. Диндик түшүнүк боюнча: акыр заман болгондо чыга турган ажыдаар.

2. *өт.* Ажаан, албуут, бейжай. *Ала албадым өчүмдү Ач тырмак зулум тажаалдан* (Токтогул).

ТАЖААЛДЫК *зат.* Албууттук, ажаандык, бейжайлык. *Өлүмгө кыйып Төштүктү, Тажаалдыгы бар бекен* («Эр Төштүк»).

ТАЖАТ тажа этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЖОО тажа этишинин кыймыл атоочу.

ТАЖРЫЙБА *зат.* 1. Турмуш, практика жүзүндө өздөштүрүлгөн билимдин, көнүгүүнүн, такшалуунун, машыгуунун жалпы жыйындысы. *Алдынкы тажрыйбаны жайылтууда басма сөз чоң роль ойнойт* («Коммунист»). *Таалайы кең жеңеке, Тажрыйбаңда береке!* (Нуркамал).

2. Илимий иштер үчүн белгилүү шартта жүргүзүлгөн текшерүү, байкоо; эксперимент.

ТАЖРЫЙБАЛУУ *сын.* Тажрыйбасы бар, такшалган. *Эргеш далай кыйынчылыктарды башынан өткөргөн, тажрыйбалуу киши* (Жантөшев).

ТАЗ *зат.* Чачты жыдытып түшүрө турган жугуштуу жара жана ушундай оорусу бар адам. *Баланы мээнет чырмаса, Жетим калып, таз болот* (Токтогул). *Тандаган тазга жолугат* (макал).

◆ **Таз кара** — башында жүнү жок чоң кара жору. **Таз карын** — жылкынын картасына жалгаша келген кичинекей карын. **Таз кейпине келүү** — мурдагы кыйын, жаман абалына түшүү, мурдагы калыбына келүү.

ТАЗА *сын.* 1. Кирсиз, булганч эмес. *Үй ичи күзгүдөй таза. Талкалап буудай тактасын, Эң асылын, тазасын* (Осмонов).

2. Нака, нагыз; тунук, ачык. *Таза алтын эмес го. Балдардын коңгуроолуу таза үндөрү жаңыра чыгып, абага көтөрүлдү* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Ак, иши ак ниет, күнөөсүз. *Таза жерден кармалып, Кайран баш элден сүрүлдү* (Токтогул).

4. *өт.* Соо, оорусу жок; мас эмес. *Тазасыңбы деги, же келесоо болуп калгансыңбы* («Чалкан»).

5. *өт.* Таптакыр, өтө, абдан. *Таза кечип малымдан, Өлүп кетем арымдан* («Эр Төштүк»). *Таза келесоо экен да.*

ТАЗАЛА *этиш.* 1. Таза кылуу, кирин кетирүү; ыпыр-сыпырдан, чөп-чардан арылтуу. *Бүткөн бойдун баарысын Тазалап жакшы жуудурду* («Курманбек»). *Кызылча, буудай, арпанын Тазалап чөбүн тергиле!* (Осмонкул).

2. Жоготуу, жок кылуу, четтетүү, курутуу. *Байларды айдап тазалап, Бийик көтөр тууңду* (Токтогул). *Бейбашты четтеп айдап тазалады Бирдиктүү биздин элдин балбандары* (Осмонкул).

◆ **Көзүн тазалоо** — жок кылуу, курутуу. *Бүгүндөн калтырбай, Бердинин аялы мэнен кызынын көзүн тазала* (Жантөшев).

ТАЗАЛАН тазала этишинин өздүк мамилеси.

ТАЗАЛАТ тазала этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЗАЛОО тазала этишинин кыймыл атоочу.

ТАЗАЛЫК *зат.* 1. Таза болгондук, кирсиз, таза алып жүрүүчүлүк. *Тазалык сактоо. Үйдүн тазалыгы.*

2. *өт.* Ак ниеттик, иши актык, жаман, бузук ишке аралашпагандык. *Мээнетинин тазалыгын көргөндө, Четтеп адам жарыктык ай дегендей* (Осмонов).

3. *сүйл.* Мектептин, класстын жалпы ички тартибин сактоо жана таза кармоо үчүн окуучулардан шайланган өкүл, комиссия. *Эмесе, балдар, жылдагыдай эле класском, тазалык шайлайлы* («Жаш ленинчи»).

ТАЗАР *этиш.* Таза болуу, тазалануу.

ТАЗАРТ тазар этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЗАРУУ тазар этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙ I *зат.* Эне жагынан болгон туугантуушкан. *Жаман тайын тааныбайт* (макал).

ТАЙ II *зат.* 1. Бир жаштан өткөн бодо мал. *Тай торпок. Тай бука. Тай тайлак.*

2. Бир жаштан өткөн жылкы. *Дарыя агат сай менен, Бээнин көркү тай менен* (Токтогул).

ТАЙ III: тай-тай *сырд.* Жаңыдан тамтуң басып калган же басайын деп келаткан баланын басуу аракетин кубаттоо, эркелетүү учурунда колдонулат.

ТАЙ IV *этиш.* 1. Тайгалануу, сыйгалануу, жылмышып кетүү. *Бут тайып кетсе, Дарыяга түшөт да жок болот* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Мурдагыдай болбой калуу, начарлоо. *Күкүгүң кетти дегенге, Күчүмдөн тайып турамын* (Токтогул). *Эсинен тайып турганда, Эшмамбет болду арачы* (Токтогул).

ТАЙГА *зат.* Американын, Азиянын, Европанын түндүгүндө өсүүчү жапайы, аралап өтүүгө абдан кыйын болгон ийне жалбырактуу чер токой. *Сибирдин түпкүрүндө терең тайга, Жүрдүңүз ошол жерде таппай айла* (Турусбеков).

ТАЙГАК *сын.* 1. Сыйгалак, тайгалак, тайып, тайгаланып кетме. *Тайгак тар кыя-*

дан коркуп, күрөң бээ сүрдүгүп кетти (Убукеев).

2. *өт.* Кыйын-кысталыш, турмуш, тиричилик жолунун кыйынчылыгы. *Жолдош болбо айгакка, мүдүрүлтөт тайгакта* (макал). *Улуу орус кыргызды Бөбөгүндөй баптады, Тайгак кечүү, тар жолдо, Таалай болуп сактады* (Аалы).

ТАЙГАЛАК тайгак менен бирдей.

ТАЙГАЛАН *этиш.* Тайып, сыйгаланып кетүү. *Мергенчи аң уулаган, Тайгаланып баса албай Тар жолдордон куланган* (Убукеев).

ТАЙГАЛАНТ тайгалан этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙГАЛАНУУ тайгалан этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙГАН *зат.* Аңчылык ишинде пайдаланылуучу күлүк ит. *Тайган агытып, түлкү тиштеткенди да көрдүм* (Сыдыкбеков). *Тайганың тоодон теке алган, Бүркүтүң чөлдөн түлкү алган* (Токтогул).

ТАЙГЫЛ *этиш.* Таюу, сыйгалануу, жаза басуу. *Астындагы Тору чаар, Тайгылган жок бийиктен* («Манас»).

◆ **Көз тайгылуу**—коозунан, көркөмдүгүнөн көз уялуу, кооз көрүнүү. *Курмандын кийиминен көз тайгылчу* (Бейшеналиев).

ТАЙГЫЛТ тайгыл этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙДЫР тай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙКАР *зат. диал.* Бир жаштан өткөн эшек.

ТАЙКЫ *сын.* 1. Кыска, тыкыр. *Аркар моюн, асыл тукум жаныбар, Жүнү тайкы, тукабадай кубулган* (Осмонкул).

2. Эни тар, энсиз. *Баркыттын эни тайкы болот.*

3. *өт.* Терең эмес, үстүртөн, чолок. *Келечегин тайкы ойлоп, Карманып оозун жүрбөсүн* (Жантөшев). *Учарга канат кайкы экен, Чын таалайым тайкы экен* («Сейтек»).

◆ **Колу тайкы** — алсыз, келей, колунда жок. *Колу тайкы адамга, Дос болбогон Чакырбай* (Токтогул).

ТАЙЛАК *зат.* Бир жаштан өткөн төө. *Асый каймал, тай тайлак, Астыңдан чыгып тайтаңдап* («Семетей»).

ТАЙМАН *этиш.* Тартынуу, батына албай, жүрөгү даабай коюу, ийменүү. *Ишке тайманбай киришүү. Тайманбай бетке айтуу.*

ТАЙМАНБАС *сын.* Тартынбас; жүрөктүү, коркпос. *Тайманбас жүрөгүндө кайраты бар, Мамбет да өзүнчө бир сырттан белем* (Турусбеков).

ТАЙМАНУУ тайман этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙМАШ *этиш.* Кармашуу, күрөшүү. *Минута сайын өлүм күтүп турса да, Сен таймаштың, азаттыктын күнү үчүн* (Аалы).

ТАЙМАШУУ таймаш этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙПА *зат.* Жука кездеме. *Тайпа жоолук.*

ТАЙПАГАЙ *сын.* Тайпайган жазы, жайык. *Асанбай береги сол кол жакта жаткан тайпагай жылганын оозун көздөй кетти* (Байтемиров).

ТАЙПАК *сын.* Жайык, түз, тегиз. *Жар башындагы кичинекей тайпакта жума сайын базар болчу эле* (Сасыкбаев).

ТАЙПАҢ тайпак менен бирдей.

ТАЙРАКТА тайраңда менен бирдей

ТАЙРАҢДА *этиш.* 1. Буттарын чалыштатуу, түз баспоо.

2. *өт.* Опсуздануу, орунсуз эркелөө. *Эрке үйрөнгөн бай кызы, Масчылыкта тайраңдап (Маликов).*

ТАЙРАҢДАТ тайраңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙРАҢДОО тайраңда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙСАЛ тайсалда менен бирдей. *Бардык ишке күчүңөрдү бердиңер, Жардамдашып бир тайсалбай келдиңер* (Турусбеков).

ТАЙСАЛДА *этиш.* Түз айта албоо; жоотокотуу, жалтайлоо. *Атай дагы да болсо оюн шыр айта албай тайсалдады* (Каимов).

ТАЙСАЛДАТ тайсалда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙСАЛДОО тайсалда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙТАЙ *этиш.* Эки бутту бири-биринен алысыраак коюп туруу. *Кемегенин башында Жаш балдар турат тайтайып* («Мендирман»).

ТАЙТАЙЛА *этиш,* «Тай-тай» деп жаш баланы басууга үйрөтүү, жетелеп бастыруу. *Тайтайлап сени ойногуп, Турбады атаң жаныңда* (Маликов).

ТАЙТАЙЛОО тайтайла этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙТАК *сын.* Тайтайган, тейтейген (көбүнчө бутка карата).

ТАЙТАКТА *этиш.* 1. Тайтаңдоо, тайтаңтайтаң этүү.

2. *өт.* Обу жоктонуу, обу жок эркелөө.

ТАЙТАКТАТ тайтакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙТАКТОО тайтакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙТАЛАШ *сын.* Теңтайлаш, катарлаш, тең талашкан. *Өлүм менен тайталаш, Жолго түштү эр Манас* («Манас»).

ТАЙТАҢ: тайтаң-тайтаң этүү — 1) буттарын чалыштатып, тайтактап жүрүү; 2) обу жоктонуу, обу жок эркелөө.

ТАЙТАҢДА *этиш.* 1. Тайтаң-тайтаң этүү, тайтактоо.

2. *өт.* Обу жоктонуу, обу жок эркелөө.

ТАЙТАҢДАТ тайтаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЙТАҢДОО тайтаңда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЙЫ I тай IV менен бирдей.

ТАЙЫ II *этиш.* Сыйынуу; курмандык чалып табынуу. *Кечээ ак күмбөз тайып барганда, Канчоро чочко жат чыгып* («Семетей»).

ТАЙЫЗ *сын.* Терең эмес, тайкы, бийик эмес. *Катуу келдим, минген атым кара кер, Сүрдүү кең Түп, Тайыз жериң кайсы жер?* (Осмонов).

◆ **Акылы тайыз** — чолок акыл, кем акыл.

ТАЙЫН тайы II этишинин өздүк мамилеси.

ТАК I *зат.* Темгил-темгил из, бир нерсенин изи билинип турган орду. *Майдын тагы. Кирдин тагы. Колунун тагы түшүп калуу.*

◆ **Жүрөгүнө же көңүлүнө так салуу** — капа кылуу, унутулгус, ойдон кетпес ызага, капага дуушар кылуу.

ТАК II *зат.* Хандын, падышанын бийлик (сурак) жүргүзүп, кабыл алып отура турган, кооздолгон жана көтөрүңкү жайга орнотулган орду. *Тегереги чынар бак, Ортосунда алтын так* («Эр Төштүк»).

2. Хандын, падышанын бийлиги, бийлик абалы. *Падыша кулап тагынан, Башынан бакты жылган жер* (Үмөталиев).

ТАК III *зат.* Жуп сандын карама-каршысы, жуп сан менен алмашып келүүчү (мис., 1, 3, 5, 7 ж. б.).

◆ **Так сан** — тең экиге бөлүнбөй турган, жупталбай турган сан (жуп сандын карама-каршысы). **Так өтүү** — үйлөнбөө (эркекке карата), же турмушка чыкпоо (кызга карата), өмүр бою бойдок жүрүү. *Чын эле дүйнөдөн так өтөмбү?* (Каимов).

ТАК IV *такт.* 1. Дал, нак. *Күн так чокуга келип, өзүнүн жалындуу нурларын төгүп турат* (Абдукаримов). *Эзелден элим көксөгөн, Эркиндик заман так ушул* (Бөкөнбаев).

2. Даана, ачык. *Так сүйлөө. Комузду күүлөп бүтүп, Майлыбайдын күүсүн так-так кайрып чертти* (Бөкөнбаев).

ТАК V: так этүү — катуу нерсеге тийип, урунуп дабыш салуу.

◆ **Ак эткенде так этүү** — бир нерсени өтө каалоо, эңсөө, ынтызар болуу, дегдөө. *Жапар Жамила дегенде ак эткенде так этип, назик үнүн үгүүга кумар эмес беле?* (Баялинов). **Так катыруу** — какшытуу; куру калтыруу.

ТАК VI *сырд.* Жылкыны токтоткондо, жоошутууда колдонулуучу сөз. *Так, ай кула, тебинбе, Сүт берүүдөн эринбе!* (Осмонов). *Сур ойт берип кошкурганда, Нур акең «так-так» деди* (Аалы).

ТАК VII *этиш.* 1. Кадоо, илүү. *Топчу так. Орден так.*

2. *өт.* Тапшыруу. *Бул милдетти эл тагат, партия тагат* (Сыдыкбеков).

◆ **Сын тагуу** *к.* **сын I.**

ТАКА I *зат.* 1. Ташыркабоо, тайгаланбоо үчүн аттын жө эшектин, качырдын туягына кагылуучу иймек темир. *Андрей алды менен така жасады* (Байтемиров). *Төрт аягында такасы жок күлүктү музга чапсаң, байге албайт, ал талпагын жаят* (Сыдыкбеков).

2. Бут кийимдин таманынын согончок жагына бийиктелип жасалган жери жана ошого кагылуучу темир. *Өтүктүн такасы. Бийик така туфли.*

ТАКА II *зат.* Бир кийимдик бир топ башайы, шайы.

ТАКА III: така-така, така-так — такылдап ритм менен чыккан дабыш. *Така-така, так-так, Шака-шака, шак-шак Качкын жолдон дегендей* (Турусбеков). *Така-така жер арытып айланып Ажырабай чиркелишип байланып* (Бөкөнбаев).

ТАКА IV *этиш.* 1. Жабыштыра, таяй коюу, кептелтүү, тирөө. *Устундун астынан такап турган тирөөч. Токтогул эки муштумун чекесине такап, боортоктоп сунала кетти* (Аалы). *Тамга такап сабай турган болду* (Сасыкбаев).

2. Бир нерсеге байланыштыруу, далилдүү кылуу. *Жүйөөгө такап сүйлөө. Фактыга такап далилдөө.*

ТАКАЙ I *зат.* Эшектин кулуну.

ТАКАЙ II *такт.* 1. Дайым, дамамат, ар дайым. *Бектай кичинесинен бери жай-кыш таятасынынкында такай жүрөн* (Бейшеналиев). *Такай иш үстүндө болуу.*

2. Удаа, жакын, чукул. *Артынан такай жүрүп отуруу. Түбүнөн такай кыркуу.*

ТАКАЛ така этишинин туюк мамилеси.

ТАКАЛА *этиш.* Така уруу, така кагуу. *Дмитрий кырк атты бир күндө такалады* (Сыдыкбеков).

◆ **Эшек такалоо** — эч кандай иш кылбай бекер жүрүү. *Ал бул жерде эшек такалап отурган жок.*

ТАКАЛАТ такала этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКАЛОО такала этишинин кыймыл атоочу.

ТАКАЛУУ *сын.* 1. Такаланган, така урулган, такасы бар. *Жолоочулардын аттары такалуу болсо да, ташыркаган сыяктуу бүжүрөшөт* (Каимов).

2. Өкчөлүү, такасы бар (бут кийимге карата). *Такалуу өтүк. Такалуу туфли.*

ТАКАНЧЫК *зат.* Таяныч, жөлөк, тирек. *Карылуу балдардын үч-төртөө Ашымга таканчык болушту* (Сыдыкбеков).

ТАКАНЧЫКТА *этиш.* Жөлөнүү, таянуу. *Таканчыктап басуу. Таканчыктап тура калуу.*

ТАКАНЧЫКТОО таканчыкта этишинин кыймыл атоочу.

ТАКАТ I *зат.* Туруштук, чыдамдуулук. *Эч кандай күч чыдап такат кыла албайт, Эр жоокерге эл тагдырын бергенде* (Аалы).

ТАКАТ така этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКМАЗА *зат.* Күйдүргү, күйкумдуу. *..Акинай кыз эми такмаза сөзгө салды* (Убукеев).

ТАКОО така этишинин кыймыл атоочу.

ТАКООЛ *зат.* Туруштук, каршылык кылуучу күч. *Жарамсыз, жалгыз күч менен жаадай болгон төртөөнө такоол кылуу кайда?* (Жантөшев). *Дегенине көнгүн деп, Такоол болуп бергин деп* («Эр Төштүк»).

ТАКСИ *зат.* Жол акысын эсептеп көрсөтүүчү счётчиги бар, жүк же адамдарды ташый турган машина.

ТАКСЫР *зат.* Монархиялык бийликтеги адамга, мырзаларга урматтоо, ызат кылуу иретинде айтылган сөз. *Макул болот, таксыр хан, Жумшасаңыз барайын* («Мендирман»).

ТАКТА *зат.* 1. Жыгачтан жүк жыюуга ылайыктап узун стол сыяктуу жасалган секиче. *Тактанын үстүндө желтиреген жүк, анда түрдүү түстөгү жууркандар, ала кийиздер* (Байтемиров).

2. Бир нерсеге ылайыкталып жасалган бети жазысынан келген тактай. *Камыр жая турган такта.*

3. Буудайдын тегиз баш алып, дүмбүлдөн өтүп калган мезгили. *Жайкалып чыккан буудайды, Такта буудай дечү элем* (Тоголок Молдо). *Көк тукаба эгин такта тартканда, Деңиз болуп толкуйт шамал басканда* (Аалы).

4. Кагаздын чарчы-чарчы келген бактары. *Чоң такта кагаз.*

◆**Ардак такта** — өндүрүштүн алдынкыларынын сүрөттөрү илинген же аты жазылган көрсөткүч доска, атайын бет.

ТАКТА II *этиш.* Так кылуу, аныктоо, айкындоо. *Кампанын эсеп-кысабын тактап жатам* (Бейшеналиев). *Тактап тыянак чыгарыша алышпады* (Жантөшев).

ТАКТАЙ *зат.* Жумуру жыгачтан (көбүнчө карагайдан) жукалап, эки жак бети тегизделип тилинген курулушка же ар кандай нерселерди жасоого керектелүүчү материал. *Алды тактай, айнектүү там. Жыгач уста вагондун алдына төшөлгөн тактайга мыкты житире кагып жатат* (Сасыкбаев).

ТАКТАЙЛА *этиш.* Тактай салуу, тактай төшөө, тактай коюу. *Асты-үстү тактайлап салынган там.*

ТАКТАЙЛАН **тактайла** этишинин өздүк мамилеси.

ТАКТАЙЛАТ **тактайла** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКТАЙЛОО **тактайла** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКТАЙЛУУ *сын.* Тактайы бар, тактай салынган. *Барактагы как тактайлуу, бойро төшөлгөн нардын үстүндө уйку анчалык таттуу болчу эмес* (Сасыкбаев).

ТАКТАЛ **такта** этишинин туюк мамилеси.

ТАКТАТ **такта** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКТАШ **такта II** этишинин кош мамилеси.

ТАКТИКА *зат.* 1. Согушту жүргүзүүнүн, аны даярдоонун амалы, ыгы, искусствосу.

2. *өт.* Кандайдыр бир максатка жетүү, ийгиликке, жеңишке ээ болуу үчүн көрүлгөн жалпы аракеттин, амалдын, түрлүүчө ыкманын жыйындысы. *Пролетариаттын революциялык тактикасы.*

ТАКТОО **такта** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКТООЧ *зат.* Кыймыл-аракеттин, алабалдын ар түрдүү кырдаалын көрсөтүп, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөй турган сөз түркүмү.

ТАКТУУ *сын.* Тагы бар, темгил-темгил изи бар.

ТАКТЫ **так II** менен бирдей.

ТАКТЫК *зат.* 1. Дал келүүчүлүк, тууралык, аныктык, дааналык, ачык-айкындык. *Иштин тактыгы. Эсеп-кысаптын тактыгы.*

2. *өт.* Аныктык, тыкандык, жыйнактык. *Жаштайынан өзүн ак ниеттүүлүккө, калыстыкка, тактыкка, талбастыкка, эмгекке үйрөтүү керек* (Байтемиров).

ТАКОО **така** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКУУ **такы** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКШАЛ *этиш.* Машыгуу, жакшы өздөштүрүү, маш болуу. *Ошентип, биздин кишилердин катарында мен да эмгекте такшалдым* (Сыдыкбеков). *Таалайы жонундагы келте бараң, Такшалып көптү билген көптү көргөн* (Бөкөнбаев).

ТАКШАЛТ **такшал** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКШАЛУУ **такшал** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКШЫ **таңшы** менен бирдей.

ТАКЫ *этиш.* Бир нерсени кайра-кайра сурай берүү, кайра-кайра айтуу. *Каныбек абдан такып сурады* (Жантөшев).

ТАКЫБАА *сын. дин.* Өзүн-өзү диндик тартипте бек кармаган, шарият жолу менен так жүргөн. *Үйүндө молдосу бар, шарият жолун жолдогон такыбаа киши* (Убукеев).

ТАКЫЛДА *этиш.* 1. Так-так эткен дабыш чыгуу, так-так этип урулуу, кагылуу. *Элдин бардыгы тегиз жаткан учурда дарбаза такылдады* (Жантөшев).

2. *өт.* Тыкан, бат-бат, так сүйлөө. *Такылда тилим такылда, Алтындай сөздөр акында* (Шүкүрбеков).

ТАКЫЛДАК *сын.* Сүйлөгөнү өтө эле чыйрак, такылдаган. *Бая күнү өтө эле такылдак, катуудай көрүнгөн Акимов мээримдүү, шайыр киши сыяктанды* (Бейшеналиев).

ТАКЫЛДАТ **такылда** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКЫЛДОО **такылда** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКЫМ *зат.* Тизенин ички жагы, тизенин бүгүлгөн ички тарабы. *Жума атынын чылбырын такымына кысты* (Жантөшев).

◆**Куу такым** — абдан куу, митаам, алчы-таасын жеген. *Сен эмне мынча мени аябай такыдың, куу такым* («Жомоктор»).

ТАКЫМДА *этиш.* 1. Жете жүрүү; артынан түшүү, артынан калбоо. *Безилдеген Кумайык, Жетип калды такымдап* («Семетей»).

2. *өт.* Өтө эле тактап, сөз узатпай асыла берүү. *Жигиттердин жаманы—Сөз талашып такымдайт, Өзүнүн сөзүн макулдайт* (Барпы).

ТАКЫМДАТ **такымда** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАКЫМДОО **такымда** этишинин кыймыл атоочу.

ТАКЫР I *сын.* 1. Эч кандай өсүмдүк өспөгөн, чөп чыкпаган. *Такыр жер. Такыр талаа.*

2. Чачы жок, түгү жок, такырайган.

ТАКЫР II *такт.* 1. Түк, эч бир. *Ушул жыргал доордо Такыр келбейт карыгым* (Осмонкул). *Жардам жок такыр булардан.*

2. Бүт, мүлдө, бүтүндөй. *Күздүктү такыр аяктап, Күлүктү минер бекенбиз!* (Осмонов).. *Өзү жүрчү комбайн мурунку комбайндардан такыр башка* (Баялинов).

ТАКЫРАЙ *этиш.* Өсүмдүгү, чөбү же

түгү, чачы жок, такыр болуу, такырга айлануу.

ТАҚЫРАЙТ **такырай** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАҚЫРАЮУ **такырай** этишинин кыймыл атоочу.

ТАҚЫЯ *зат.* Кыздардын кооздолгон (көбүнчө үкү тагылган) топусу. *Кызыл болсо жарашат Кыз башына такыя* (Сыдыкбеков). *Такыядан селкилдеп, Жибек саамай чубалды* (Бөкөнбаев).

◆**Кеп такыя** — элечектин астынан кие турган кийме. *Сыяда эне элечегин алып, кеп такыясын эзгине чалып жеңилденди* (Бейшеналиев).

ТАҚЫЯЛУУ **такыячан** менен бирдей.

ТАҚЫЯЧАН *сын.* 1. Такыясы бар, такыя кийген.

2. *өт.* Күйөөгө чыга элек (кызга карата).

ТАЛ I *зат.* 1. Бутактары ийилчээк келген, ичке жалбыракту, бадал түрүндө да өсүүчү жыгач өсүмдүгү. *Ал экөөбүз тамдын артындагы чоң талдын көлөкөсүн жамындык* (Сыдыкбеков). *Булбулдун көркү ачылат Буралган кырчын тал менен* (Токтогул).

ТАЛ II *зат.* Тарам-тарам болуп кеткен ичке нерселердин бир даанасы, айрым бир бөлүгү, бөлүнгөн бир тобу. *Жалгыз тал көкүл чачы өрүмгө кирбей, каш үстүндө үлпүлдөөдө* (Сыдыкбеков). *Беденин бир тал сабагын Аманкул кармап кирди* (Абдукаримов). *Улуу-Чаттын тоолору өмүр бою бетине беш тал чөп чыкпагандай кубарып турат* (Жантөшев). *Бир тал жүзүм.*

ТАЛ III *этиш.* 1. Эси ооп калуу, эсүчүн билбей калуу. *Мен талып жыгылгандан кийин, бир канчалык убакыт өтсө керек* (Жантөшев). *Ат үстүнөн зил кусуп, Эр Олжобай талды дейт* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Чарчоо, талыгуу. *Карай берип көз талды. Канаты талып алсырап, Конууну талга ойлоду* (Бөкөнбаев).

ТАЛА *этиш.* 1. Тиш салып жулкулдатуу, кабуу, улуп-жулуу (ит, карышкыр ж. б. карата). *Иттери талап, өлтүрүп коё жаздады* («Ала-Тоо»).

2. Чагуу, канын соруу (чиркей, чымын, аары ж. б. карата). *Аары талады. Чымын-чиркей талады.*

3. *өт.* Таламай кылуу, талоонго түшүрүү, жабыла таламай кылуу. *Чаап, талап жеп жүрүп, Букарадан айрылган, Рыскулбектин беш каман* (Токтогул). *Кедей, сени туш-туш жактан талады* (Турусбеков).

ТАЛАА *зат.* 1. Жайык, түз жер. *Дүңгүрөп жаткан талаага, Дүрбүсүн салып карады* (Бөкөнбаев). *Чүй талаасы.*

2. Баш кийимдин (мис., калпактын) тилкелери.

◆**Ай талаа** *к.* **ай III. Көзүнүн жашы он талаа** — көзүнөн салаа-салаа жаш аккан, көзүнүн жашы көл болгон. *Көңүлдөгү көп санаа, Көзүнүн жашы он талаа* («Эр Төштүк»). **Талаада калуу** — баарынан кур калуу, иши оңунан чыкпай, максатына жетпей калуу. *Жалгыз гана табиятка карап отура берсек, талаада калабыз* (Убукеев).

ТАЛААЛА *этиш.* 1. Туш-тушка тарап кетүү, андаалап тароо, бытыроо, бетбетинен басып кетүү. *Иш кылбай эле талаалап басып жүргөн ким экен?* («Ала-Тоо»).

2. Салаа-салаа болуп агуу, шорголоп агып туруу. *Кан талаалап акты. Көпчүлүгү жаш балдар, Көздүн жашы талаалап* (Тоголок Молдо).

ТАЛААЛАТ **талаала** этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛААЛОО **талаала** этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛААЛУУ *сын.* 1. Талаасы бар.

2. Тилкелүү, тилкеси жазы. *Талаалуу ак калпак кийген ким?*

ТАЛААЧЫЛЫК *зат.* Дыйканчылык, айыл-чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү, тейлөө иштери. *Талаачылыкта иштөө. Талаачылык бригадасы.*

ТАЛАК *зат.* 1. Күйөөсү менен аялынын ажырашуусу. *Анын талагын колуна берди.*

2. Баш тартуу, кечип жиберүү. *Мендей болсун акмактар, Талак кылып эл-жерин* (Жантөшев).

ТАЛАМ *зат.* 1. Максат, кызыкчылык, тилек. *Биздин талам улам алга баруу* (Сыдыкбеков). *Жумушчу табынын таламдары. Жамандын таламын талашам деп, жакшы менен араз болбо* (Сыдыкбеков).

2. Талап. *Сабыр кадрлар бөлүмүнүн алдына бир катар таламдарды койду* (Сыдыкбеков).

ТАЛАМАЙ *зат.* Талап, тоноп алуучулук, талоон. *Таламай кылуу. Таламайга түшүрүү.*

◆**Кан таламай** *же* **кан талакей** — кан таа конгондо чүкөлөрдү талап алуу, көбүрөөк жыйнап алууга тырышкан чүкө оюнунун бир түрү.

ТАЛАМАН: таламандын тал түшүндө — чак түштө, күпкүндүз. — *А, сенин түлкүң таламандын тал түшүндө улуган тура! — деп, Сабыр Асылбекти тамашалады* (Сыдыкбеков).

ТАЛАМДАШ *сын.* Таламы бир, тилектеш, максатташ, талапташ. *Ала-Тоонун уул-кыз, Ар кими мага таламдаш* (Маликов).

ТАЛАН тала этишинин өздүк мамилеси.

ТАЛАНТ *зат.* 1. Табигый шыктуулук, өзгөчө мыкты жөндөмдүүлүк. *Акындык талант. Артисттик талант. Чыгармачылык талант.*

2. Ушундай таланты бар, таланттуу адам. *Жаш таланттар. Кыргыз искусствосунун таланттары.*

ТАЛАНТТУУ *сын.* Таланты бар, шыктуу. *Таланттуу акын. Таланттуу художник.*

ТАЛАНТТУУЛУК *зат.* Таланты барлык, шыктуулук, өзгөчө жөндөмдүүлүк.

ТАЛАП *зат.* 1. Аткарылышын көздөгөн маселе, иштин ишителишине умтулгандык, керек деп табуучулук. *Тартип жөнүндө коюп отурган талаптарына Ка-*

ныбек абдан ыраазы болду (Жантөшев). *Чаргын чечкиндүү талап кылды* (Сыдыкбеков). *Пахтаны терүү эмгекти өтө көп талап кылат* («Коммунист»).

2. Тилек, максат, талам. *Ар куштун алсам деген талабы бар, Ар аттын чыксам деген кадамы бар* (Осмонов). *Жыргалдуу жаштын талабы Күн сайын өсүп артылган* (Токтогул).

ТАЛАПКЕР *сын.* Көздөгөн максаттын, тилектин аткарылышына дилгир, үмүткер, тилеги бар. *Эмгекке талапкер. Окууга талапкер. Алыстан келген талапкер, Талап кылып байгеден, Аттарын салды жарышка* (Тоголок Молдо).

ТАЛАПТАШ *сын.* Талабы бирге, тилектеш, максатташ, таламдаш. *Жерибиз бирге канатташ, Элибиз бирге жаматташ, Бирге жайлап, бир жерлеп, Бир туугандыз талапташ* (Осмонкул).

ТАЛАПТУУ *сын.* Талабы бар, талапкер, үмүткер. *Талаптуу киши бар болсо, Таштап бирин калтырба* («Эр Табылды»).

ТАЛАТ тала этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛАШ I *зат.* 1. Бирдей болуп чыкпаган, ар түрдүү ойлордон, пикирлерден же келише албооңулуктан пайда болгон айтыш, тартыш. *Уюштуруу маселеси боюнча талаш-тартыштар көп болду* («Ала-Тоо»). *Бул талаш төгүнүнөн чыккан жок* (Бейшеналиев).

2. Ачык-айкын эмес, чечиле элек. *Азырынча бул иш талаш.*

◆**Күүгүм талаш** *к.* **күүгүм.**

ТАЛАШ II *этиш.* 1. Кандайдыр бир маселе боюнча же кандайдыр бир максатка байланыштуу тартышка түшүп айтышуу, тартышуу, өзүнүн оюн далилдөөнүн аракетин кылуу. *Ашым дагы эле болбой сөз талаша берди* (Каимов).

2. Белгилүү бир кызыкчылыкты көздөө, таламды, намысты жактоо. *Элдин таламын талашат. Намыс талашып, душманга бет алып кармашуу.*

3. Өз жагына алуу, өзүнө ыйгаруу аракетин кылуу. *Тамак талашып урушмак белек. Бул дүнүйөнү менден талаша тургандай кандай акың бар?* («Ала-Тоо»).

◆**Жан талашуу** — 1) өлүм алдында алдастоо, жаны өтө кыйналуу; 2) аябай аракеттенүү, тырышуу, жанын үрөп киришүү. *Ишти бүтө көёюн деп жан талашкан элем* («Ала-Тоо»).

ТАЛАШТЫР талаш этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛАШУУ талаш этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛГАК *зат.* Боюнда бар аялдын тамакка көңүлү келбей, белгилүү бир башка тамакты, даамды эңсеши; жерик. *Тарасыма талгак болуп жүргөн жылы ал киши бизге жакын коңшу эмес беле?* (Убукеев).

ТАЛДА *этиш.* 1. Тал-тал кылып бөлүү, бир-бирден бөлүү, ажыратуу, ылгоо. *Чирип калган чырпыктарды жалгыз талдап эптеп бүттүм* (Сыдыкбеков).

2. Изилдөө, анализ жүргүзүү. *Бүт келечек силердики, Талдап сырын чечкиле!* (Нуркамал). *Сабырдуулук менен ар бир ишти терең талдап, туура чечүүгө аракеттенди* («Ала-Тоо»).

ТАЛДАТ талда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛДОО талда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛДЫР тал этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛДЫРМАЧ: талдырмач кызылдуу — албырган, тамылжыган, кызылдуу (бетке карата). *Көзү карагаттай, жаагы субагай, бети талдырмач кызылдуу, аркар көкүрөк* (Жантөшев).

ТАЛКАЛА *этиш.* 1. Бүтүн нерсени майдалоо, майдалап сындыруу, майда-майда сыныкка, күкүмгө, майда бөлүктөргө айландыруу, кыйратуу. *Туз талкала. Таш талкала. Эски үйдү талкалап бузуу.*

2. Бүлүнтүү, таш-талканын чыгаруу, ойрондотуу, кырып-жоюу, жок кылуу.

ТАЛКАЛАН талкала этишинин өздүк мамилеси.

ТАЛКАЛАТ талкала этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛКАЛАШ талкала этишинин кош мамилеси.

ТАЛКАЛОО талкала этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛКАН *зат.* Куурулган жана жаргылчакка, тегирменге тартылып майдаланган дан, азык. *Арпа талкан. Жүгөрү талкан. Буудай талкан.*

◆**Май талкан** — 1) майга көйлөнгөн талкан; 2) *өт.* абдан пайдалуу жер. *Кетер эле, бирок мындай май талканга жетпейт* (Шүкүрбеков). **Көкөйгө көк талкандай тийүү** *к.* **көкөй. Ташын талкан кылуу** — 1) абдан майдалоо, быркыратуу. 2) *өт.* кыйратуу, жоготуу, ойронун чыгаруу. *Каршылашкан душман болсо Ташын талкан кылабыз* (Осмонкул).

ТАЛКАНДА *этиш.* 1. Абдан майдалоо, быркыратуу.

2. *өт.* Кыйратуу, жок кылуу, талкалоо. *Менменсинген душманды Талкандаган ленинчил жүрөк бар* (Аалы).

ТАЛКАНДОО талканда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛКУУ *зат.* 1. Тери ийлөөгө ылайыкталып жасалган курал.

2. *өт.* Кандайдыр бир иш, маселе боюнча көпчүлүктүн пикирин, ойлорун сунуштарын угуу, ишке баа берүү ж. б. максаттар үчүн өткөрүлгөн жыйналыш. *Чогулушта кызуу талкуу башталды* (Каимов). *Отурандар Атабектин арызын талкууга ала башташты* (Жантөшев).

ТАЛКУУЛА *этиш.* 1. Терини талкууга салуу, талкууга салып ийлөө.

2. *өт.* Ишти, маселени талкууга алуу, талкууга коюп сындоо, пикир алышуу. *Адабий чыгармаларды талкуулап туруу.*

ТАЛКУУЛАН талкуула этишинин өздүк мамилеси.

ТАЛКУУЛАТ талкуула этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛКУУЛАШ талкуула этишинин кош мамилеси.

ТАЛКУУЛОО талкуула этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛМА *зат.* Күтпөгөн жерден эси ооп, тырышып, диртилдеп жатып кала турган оору.

ТАЛМООРСУ *этиш.* Алсыроо, бүткөн бою салмактанып талыкшуу.

ТАЛОН *зат.* 1. Бир нерсеге укук берүүчү контролдук кагаз. *Билетин чөнтөгүнөн ала салып, Талонго белги коюп, кайра салды* (Аалы).

2. Документтин дүмүрчөгү.

ТАЛОО тала этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛООН *зат.* Таланган, таламайга түшкөн абал, талангандык. *Табылды элден кеткени, Талоондон эч ким чыкпады* («Эр Табылды»).

ТАЛООНЧУ *зат.* Талап-тоноп алуучу, каракчы.

ТАЛП *туур.* Салмактуу, жазы нерсенин жерге түшкөндө, жыгылганда чыккан дабышы. *Талп этип кулап түшүү. Жерге талп дей түшүү.*

ТАЛПАҢАЙ *сын.* Талпайган, жазы, жайык. *Талпаңай бет.*

ТАЛПАЙ *этиш.* 1. Жазы, жайык болуп көрүнүү, жалпаюу. *Тамандары талпайган.*

2. Эбя-сыны жок, жалпайган көрүнүштө болуу. *Кементай кийип талпайган, Кер өгүз минип шалдайган* («Эр Табылды»).

ТАЛПАҢ *зат.* Малдын, айбандын жерге салууга же жүн сабоого ылайыкталып кургатылган териси. *Аюу талпак. Кулундун талпагы.*

◆**Талпагын ташка жаюу** — кыйратуу, талкалоо, жок кылуу. *Тырмышкан жоонун ар дайым Талпагы ташка жайылган* (Маликов).

ТАЛПАҢТА *этиш.* Эпсиз талпаңдаган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу, талпаң-талпаң этүү.

ТАЛПАҢТАТ талпакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛПАҢТОО талпакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛПАҢ: талпаң-талпаң этүү — орунсуз, эпсиз көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу. *Талпаң-талпаң этип чуркоо.*

ТАЛПАҢДА *этиш.* Талпаң-талпаң этүү, орунсуз, эпсиз кыймыл-аракетте болуу. *Талпаңдап жүгүрүү.*

ТАЛПАҢДАТ талпаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛПАҢДОО талпаңда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛПЫЙ талпай менен бирдей.

ТАЛПЫЛДА *этиш.* Дайынсыз сүйлөө, баскан-тургану орунсуз болуу, далпылдоо. *Тизесинен темтеңдеп, Эзсинен келтек жеп, Сен урган талпылдаган немесиң* (Токтогул).

ТАЛПЫЛДАТ талпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛПЫЛДОО талпылда этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛПЫН *этиш.* 1. Учууга умтулуу, канат сермөө, күүлөө. *Ой абышка, абышка, Ак шумкар кечээ талпынды* (Жантөшев). *Канатын күүлөп талпынып, Каркылдап өрдөк, каз келди* (Осмонкул).

2. Эки колун сермеп умтулуу, обдулуу (отуруп калган кичинекей балага карата). *Энесин көрүп кичинекей бала эки колун сунуп талпына баштады* (Бейшеналиев). *Жеңишбек кубанып талпынат* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Алга умтулуу, илгерилөөнүн, өнүгүүнүн аракетинде болуу. *Эзилип көңүл куш болуп Элиң алга талпынды* (Тоголок Молдо). *Канаты кеч жетилген кыраандай биз кеч талпындык* (Сыдыкбеков).

ТАЛПЫНТ талпын этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛПЫНУУ талпын этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛТАЙ *этиш.* Эки буттун арасын кенен ачып, чатты керген абалда болуу. *Жигит бирөөнү күрөшкө чакыргансып, талтая туруп колун элге сунду* (Каимов).

ТАЛТАҚ *сын.* Чаты ачык, талтайыңкы келген.

ТАЛТАКТА *этиш.* 1. Чатын кере, талтая жүрүү, басуу. *Желинине сүт батпай, Баспай келет талтактап* (Калык).

2. *өт.* Орунсуз, обу жок эркелөө, обу жоктонуу.

ТАЛТАКТАТ талтакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛТАКТОО талтакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛТАҢ: талтаң-талтаң этүү — 1. Талтактап басуу.

2. *өт.* Орунсуз, обу жок эркелеп талтактоо.

◆**Эрке талтаң** *к.* **эрке.**

ТАЛТАҢДА *этиш.* 1. Талтаң-талтаң этип басуу, талтактоо.

2. *өт.* Обу жок эркелөө, орунсуз эркелей берүү.

ТАЛУУ I: талуу жер — урганда, бир нерсеге катуу тийгенде эсти оодарып, талытып коё турган аялуу жер. *Карышып жүргөн Кудаке, Кулунум, талуу жерге чаптыбы?* («Олжобай менен Кишимжан»). *Бөрүнүн талуу жери кара тумшук.*

ТАЛУУ II тал этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛЧА *зат.* Жаш өспүрүм тал.

ТАЛЫ тал III менен бирдей.

ТАЛЫГУУ талык этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛЫК *этиш.* Чарчоо, чаалыгуу. *Токтогул күнү-түнү сайраса да талыгып койчу эмес* («Ала-Тоо»).

ТАЛЫКПАС *сын.* Чарчабас, чаалыкпас. *Эр, аялы талыкпас, Эмгекке баатыр күжүрмөн* (Калык).

ТАЛЫКТЫР талык этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛЫКШУУ талыкшы этишинин кыймыл атоочу.

ТАЛЫКШЫ *этиш.* Алсыроо, чаалыгып талыгуу, чарчап алсыздануу. *Кымыз ичкенге талыкшып турам* («Ала-Тоо»).

ТАЛЫКШЫТ талыкшы этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЛЫМСЫ *этиш.* Билмексен болуу, билбей, байкабай калгансып көрүнүү. *Чормон болуш талымсып, алдын ала кулак какты кылды* (Аалы).

ТАЛЫТ талдыр менен бирдей.

ТАМ I *зат.* Киши турууга, мал же башка үй айбандары үчүн дубалдары кыштан же топуректан тургузулуп жасалган үй. *Там үй. Үй там. Тоок там.*

◆**Там-таш** — үй жана короо-жай. *Жамгыр түн ортосунда там-ташты дыбыраттатып сабап кирди* (Бейшеналиев). *Элдин баары там-ташын оңдоп, жаңы үйлөр салууга кириштн* (Бейшеналиев).

ТАМ II *этиш.* Тамчы түрүндө үзүлүп-үзүлүп, бөлүнүп түшүү, тамчылоо. *Мынамына тамчы турат тамганы* (Аалы). *Жаандын бүгүн жааганын карачы. Демейде тилеп жатса да бир таамп койбос эле* (Байтемиров).

ТАМ III *этиш.* Тутануу, күйүү. *Өчкөн отум тамгандай, Бир укмуш көзгө көрүндү* (Жантөшев).

ТАМ IV: там-түн басуу — жаңыдан басайын деп аракеттенип, бут шилтөө, жыгылып-туруп, тамтаңдап басуу. *Үсөн тамтың басып келип, тизесин кучактай жыгылган кызын кайра тургузуп, көтөрүп алып төркү бөлмөгө жөнөдү* (Таштемиров).

ТАМАДА *зат.* Кечелерде, отуруштарда көңүл ачуу, тамаша кылуу жагын башкарууга шайланган киши.

ТАМАК I *зат.* Адамдын, айбандардын, өсүмдүктөрдүн өсүү, өнүгүү, жашоо шартына зарыл түрдө керектелүүчү, азык болуучу заттар. *Дасторкон жайылып, анын бети түрдүү тамакка толду* (Байтемиров). *Бышылуу тамактын күйүтү жаман* (макал).

ТАМАК II *зат.* Ооз көндөйү менен кызыл өңгөчтүн туташкан жери, алкым. *Ал кетип, тамак курган турган чакта, Кандырган кайрыкерим дагы ушул суу* (Аалы).

◆**Тамагы жаман** — тамаксоо, тамак ичип-жегенди абдан жакшы көргөн, тамак жагына келгенде чыдап тура албаган. *Тамагы жаман уулуң кымызды сагыныптыр* (Сыдыкбеков). **Арам тамак** — жатып ичер, даяр оокатка көнгөн. *Калган койду санагыла, жер жуткан арам тамактар* (Аалы). **Кыл тамак** — тамакты абдан аз ичкен, тамакты ылгап ичкен.

ТАМАКСОО *сын.* Эси-дарты тамакта болгон, тамагы жаман, соргок, опкок.

ТАМАКТА *этиш.* Алкымдан, тамактан алуу, тамактан алып, муунтуу, колколоо.

ТАМАКТАН *этиш.* Тамак-аш ичүү, оокаттануу, азыктануу. *Бир тобу тетиги карагайдын түбүндөгү алачыкка барып тамактана баштады*(Жантөшев).

ТАМАКТАНТ тамактан этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМАКТАНУУ тамактан этишинин кыймыл атоочу.

ТАМАКТАТ тамакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМАКТОО тамакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАМАМ *зат. диал.* **1.** Баары, бүт, бардыгы. *Сүйлөшүп жооп бермекке, Бир үйгө кирди тамамы* (Үсөнбаев). *Таң агарып атканда. Тамам жылдыз батканда* (Жантөшев).

2. Бүтүү, түгөнүү. *Тамак болуу. Ачык айт, андай болсо түңүлт мени, Жылдызым өчкөнү ошол күнүм тамам* (Үмөталиев).

ТАМАН I *зат.* **1.** Буттун жер баса турган жалпак жагы, бети. *Таманымды жоорутуп Жара кылдың жокчулук* (Калык). *Төөнүн таманы. Каздын таманы.*

2. Бут кийимдин жер баса турган жагы, бөлүгү. *Чокойдун таманы. Өтүктүн таманы. Таманы калың кепич.*

3. Арыктын, каналдын, кокту-колоттун, жылганын ж. б. түбү, түп жаккы тилкеси. *Чоко коктунун таманы менен өрдөп баратты* (Каимов). *Аскадан учкан таштай кетти кулап, Жылганын таманында жатты сулап* (Осмонкул).

4. Бир нерсенин жерге коюуга, жерде же башка бир нерсенин үстү менен жүрүүгө ылайыкталган тегиз бети. *Утюгдун таманы. Дөңгөлөктүн таманы. Чананын таманы*

5. Кээ бир буюмдун жазы, жалпак келген бөлүгү. *Шакектин таманы. Үзөңгүнүн таманы.*

Таман акы, мандай тер — өз күчү, өз эмгеги, өз мээнети жана ушундай жол менен табылган ийгилик, олжо, акы. **Таман тузак** *к.* **тузак. Жел таман** *к.* **жел I. Кара таман** — букара, кедей кембагал, жарды. *..Кара таман эмгекчилерди кылымдар бою эзип келген бай, манаптарды аягына чыгара жеңдик* (Элебаев). **Төө таман** *к.* **төө. Сары (сар) таман жылкы** — үч-төрт асый болуп калган, тандалган мыкты жылкы. **Бир таман жол** — жалгыз аяк жол, чий жол. *Бир таман жол менен кой чубап өтө турган*(Бөкөнбаев).**Таш таман**— бут кийимдин жалпы таманынын сыртынан жармына чейин (такага жеткирбей) калыңдап урулган таман.

Таман II: кечке таман—кечке жакын, кечке маал, кечке жуук *Бир күнү күз айында, кечке таман, Ок тийип,эки аяктан ажыраган, Касымжан кайтты деген кабар келди Айылга көңүлү ачык, эсенаман* (Осмонов).

ТАМАНДА *этиш.* **1.** Таманы менен ныктап басуу.

2. Бут кийимге таман салуу, таш таман кагуу.

ТАМАНДАТ таманда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМАНДОО таманда этишинин кыймыл атоочу.

ТАМАША *зат.* **1.** Көңүл ачуу, шаттануу максатына ылайыкталган ар кандай шарттагы оюн-күлкү, оюн-шоок, таң-таманша. *Кана, оюн-күлкү, тамашаңарды жасап бергиле көрөйүн, эригип келдим* (Жантөшев). *Майрамдык тамаша.*

2. Чындап эмес, ойноп сүйлөө, көңүл ачуу, күлкү чыгаруу иретинде. *Тамаша кылам, ой, ороңдобо жөнү жок* (Байтемиров).

◆**Таң-тамаша** — оюн-күлкү, шаттык, сайрандоо. *Таң-тамаша, күлкү-шат, Айлананы карасаң* (Шамшиев). *Таң-тамаша башталды, Күлүктөр тандап чабылып*(Шүкүрбеков).

ТАМАШАКӨЙ *сын.* **1.** Тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн, шайыр. *Чынында*

мен ушундай тамашакөй, жайдары кыздарды жакшы көрөм (Каимов). *Өмүрлүккө сайрандайсың күлөсүң, Ачык-айрым тамашакөй мүнөзүң* (Элебаев).

ТАМАШАЛА *этиш.* Тамашага салуу, тамаша сөз айтуу, күлкү үчүн бура сүйлөө. *Кээде бирин-бири тамашалап жок жерден күлкү чыгарышат* (Байтемиров). *Ташбай да бир жактан тамашалады* (Сыдыкбеков).

ТАМАШАЛАШ тамашала этишинин кош мамилеси.

ТАМАШАЛОО тамашала этишинин кыймыл атоочу.

ТАМАШАЛУУ *сын.* Тамаша иретиндеги, тамаша катарында. *Тамашалуу сөз менен эл арасы жандана түштү* (Жантөшев).

ТАМАШАЧЫЛ *сын.* Тамашакөй, тамашалап сүйлөгөндү жакшы көргөн.

ТАМГА *зат.* 1. Белги катарында көбүнчө ысык темир менен басып түшүрүлгөн из, так. *Малга тамга салуу.*

2. Жазуунун ариби, жазууда айрым тыбыштар үчүн алынган белги.

3. *өт.* Көңүлдө, жүрөктө сакталган из, запкы. *Жокчулук сөөгүмө тамга болду, Байларда малай жүрдүм таппай жолду* (Барпы).

◆**Ташка тамга баскандай** — ачык-айкын, так, дапдаана. *Ленин жолу — ташка тамга баскан жол* (Турусбеков).

ТАМГАЛА *этиш.* Тамга салуу, тамга, белги түшүрүү. *Тай кунанды тамгалап, Өзүмдүк кылып алгыла* («Эр Төштүк»).

ТАМГАЛОО тамгала этишинин кыймыл атоочу.

ТАМГАЛУУ *сын.* Тамгасы, белгиси бар, тамга салынган.

ТАМЕКИ *зат.* Никотини бар жазы жалбыракту техникалык өсүмдүк жана анын тартуу же жыттоо үчүн кургатылып, майдаланып, атайын жолдор менен иштетилген жалбырагы. *Зуурдакан баккан тамеки, текши өсүп көзгө көрүнгөн* (Убукеев). *Тамеки тартчу элеңиз го, аксакал, келиңиз тарталы* (Байтемиров).

ТАМЕКИЧИ *зат.* Тамеки өсүмдүгүн өстүрүүчү. *Таластын тамекичилери.*

ТАМОЖНЯ *зат.* Чек арадан өткөрүлүүчү товарларга жана андан алынуучу пошлиналар менен башка жыйымдарга контролдук кылып туруучу мекеме.

ТАМПАЙ *этиш.* Шалакы, шелпейген, эби-сыны жок көрүнүштө болуу.

ТАМПАЙТ тампай этишинин аркылуу мамилеси

ТАМСИЛ *зат.* Айбандарга же жаратылыштагы башка нерселерге берилген аллегориялык образдар аркылуу турмуштук окуяларды, адамдарды каймана мааниде сүрөттөгөн, көбүнчө ыр түрүндө жазылган акыл-насаат маанисиндеги адабий чыгарма. *Тоголок Молдонун тамсилдери. И. А. Крыловдун тамсилдери.*

ТАМСИЛДЕТ *этиш.* Ачык эмес, каймана түрүндө айтуу.

ТАМСИЛЧИ *зат.* Тамсил жазуучу, тамсил жазганга маш болгон жазуучу. *Орус тамсилчиси И. А. Крылов.*

ТАМТАЙ *этиш.* Кебетеси кетүү, жүдөө, темтейүү. *Таягына өбөктөп, Тамтайып турган бой салып* (Турусбеков). *Тамтайып жүргөн балдарды Такыр эткетойдуруп* («Эр Төштүк»).

ТАМТАЙТ тамтай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМТАҢ: тамтаң-тумтаң басуу — тамтуң басуу, шыдыр басып кете албоо, чайпалып,жыгылып кетчүдөй болуп араң басуу.

ТАМТАҢДА *этиш.* 1. Тамтаң-тумтаң басуу, сендиректөө.

2. *өт.* Байланышсыз, дайыны жок сүйлөө, так, даана айта албай жаңылуу.

ТАМТАҢДАТ тамтаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМТАҢДОО тамтаңда этишинин кыймыл атоочу.

ТАМТЫК: тамтыгы чыгуу — жыртылуу, бүтүн жери калбоо, тытылуу; **тамтыгы жок** — жыртылган, бүтүн жери калбаган, тытылган.

ТАМУУ там этишинин кыймыл атоочу.

ТАМЧЫ *зат.* Суунун же башка суюктуктун тамгандагы, тамчылап тургандагы бөлүктөрү. *Чаңкадым, каным катты, дарман кетти, Тамчы суу таңдайыма тамызган жок* (Үмөталиев). *Жамгырдын тамчылары.*

ТАМЧЫЛА *этиш.* Тамчы-тамчы болуп бөлүнүп тамуу.

ТАМЧЫЛАТ тамчыла этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМЧЫЛОО тамчыла этишинин кыймыл атоочу.

ТАМШАН *этиш.* 1. Даам татканда жеданам таткысы келгенде суктангандык, самагандык менен тилин көмкөйүнө жабыштырып шилекей ирмөө. *Сары майдын даамын татып, баары тең тамшанып калышты* (Абдукаримов). *Тамакты көрүп тамшана баштагандыгын байкап, жаны кейиди* (Убукеев).

2. Жалпы эле бир нерсеге суктануу, аны самоо, сугу түшүү.

ТАМШАНТ тамшан этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМШАНУУ тамшан этишинин кыймыл атоочу.

ТАМЫЗ I *этиш.* Тама тургандай кылуу, тамчылатуу. *Жүгөрү жесе сааган уй, Булактай сүтүн агызат, Мезгилинде саабасаң, Эмчектен сүтүн тамызат* (Аалы).

ТАМЫЗ II *этиш.* Күйгүзүү, тутандыруу, жандыруу. *От тамызып, үйдү лапылдатып, жылытып жиберди* (Байтемиров).

ТАМЫЗГЫ *зат.* Тезек, көмүр же башка ири отундарды тамызуу, тутантуу үчүн алдыда жагыла турган майда, куу отун, ичеги. *Койчу тамызгы терип келип, кара таштын үстүнө от жакты* (Сасыкбаев).

ТАМЫЗУУ тамыз этишинин кыймыл атоочу.

ТАМЫЛЖУУ тамылжы этишинин кыймыл атоочу.

ТАМЫЛЖЫ *этиш.* Бети кызарып нурлануу, көшүлүү, магдыроо. *Айнанын бети тамылжып,көздөрүнөн от чагылыша түштү*

(Абдумомунов). *Күндүн эртең мененки нуру чачырагансып, анын ак саргыл жүзү тамылжыйт* (Сыдыкбеков).

ТАМЫЛЖЫТ тамылжы этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМЫР *зат.* 1. Өсүмдүктөрдүн жерге орунтукталып турушун, суу же башка азык заттарын өзүнө тартып, тамактанып туруусун камсыз кылуучу жер астындагы бөлүгү. *Жаа, жаа жамгырым, жамгырым, Жумшарт эгин тамырын* (Осмонов). *Бактын тамыры.*

2. *анат.* Кан жүрүү жолдору, кан тароочу түтүкчөлөр. *Данияр дын маңдайындагы кан тамырлары жарылып кетчүдөй кабарган* (Айтматов). *Тамырчылар тамырымды кармап, табыптар тамак берет* (Жантөшев).

3. Дос, достошкон адамдар (көбүнчө эркектерге карата). *Кубанып тосту жолуңдан, Токо, курбу-курдаш тамырың* (Калык). — *Ой, ырахмат, Андрей тамыр!* (Сасыкбаев).

4. Ойнош, ойноп-күлүү, ысыктык жагынан көңүл жакын болгондор.

◆**Күрөө тамыр** — ар жактан жүрөктү көздөй кан жиберип турчу чоң тамыр, вена. *Чекесинен буу чыгып, күрөө тамыры кызарып, толкундап кетти* (Сыдыкбеков). **Тамырын тартуу** — сырын тартуу, ички сырын билүүгө тырышуу, байкоо. **Тамырын жаюу** — өсүү, өркүндөө, жайылуу, таралуу. **Тамырына балта чабуу** — кендирин кесүү, жок кылуу, курутуу, жаштайында соолтуу. **Тамыр кармоо** — тамырчылык кылуу, сыркоо адамдын ысыксуугун, илдетин билүү аракетин кылуу. **Түп тамырынан бери** — бүтүндөй, бардык жагынан. *Жумушчу табынын кулк мүнөзү түп тамырынан бери өзгөрүлдү* («Советтик Кыргызстан»).

ТАМЫРЛА *этиш.* Тамыр жаюу, тамыр алуу (өсүмдүктөргө карата). *Көчөттөр көгөрүп тамырлап калыптыр* (Убукеев).

ТАМЫРЛАТ тамырла этишинин аркылуу мамилеси.

ТАМЫРЛУУ *сын.* Тамырлары жайылган, көп, тамырлары көбөйгөн, жыш.

ТАМЫРЧЫ *зат.* Тамыр кармаган табып.

ТАН *этиш.* 1. Моюнга албоо, карамакаршы жыйынтык чыгаруу, тескерисинче айтуу. *Кылмышын тана албоо. Чындыкты тана албайт.*

2. Жадоо, көңүлү калуу, жүрөккө тийүү. *Этти таныт, дан болсо деп калдык* («Ала-Тоо»). *Кең Ала-Тоо мынча неге томсорду, Боорундагы элиңди сен тандыңбы?* (Турусбеков).

◆**Эстен тануу** — эс-акылын жоготуу, эси ооп калуу.

ТАНУУ тан этишинин кыймыл атоочу.

ТАНА I *зат.* Бир жаштан өткөн эркек торпок. *Жалчы жүрүп тапканың жалгыз тана, Таап алган байкуштар, танаң кана?* (Тоголок Молдо).

◆**Эркек тана** *к.* **эркек.**

ТАНА II *этиш.* Өөнөп кесүү, өөнөө.

ТАНАЗАР: таназар албоо — көңүл бурбоо, байкабоо, маани бербөө. *Бул сөздү анчалык дале таназар алганым жок. Таназар албай коюу.*

ТАНАП *зат.* 1. Аркан, бир-бири менен байланыштырылган, түйүштүрүлгөн жип. *Алтымыш кулач танап.*

2. Гектардын $\frac{1}{6}$ бөлүгүнө туура келген жер чени. *Бир танап жерин айдатпай, Бир кулак суусун байлатпай* (Аалы). *Өмүрзак миң башынын жүздөгөн танап жерлерине суу кандай керек болсо, биздин үч танап жердеги жүгөрүгө суу ошондой керек эле* (Абдукаримов).

ТАНАПИС *зат.* Сабак арасындагы дем алыш убактысы, дем алыш.

ТАНДА *этиш.* Кандайдыр бир сапаты, белгиси боюнча башкалардан ажыратып ылгоо, ажыратып бөлүү. *Үйрөн, танда өнөрдү, Өнөр менен өрчүйт эл* (Үмөталиев). *Конуш тандап Арпадан, Коргон-Ташты жайладык* (Осмонов).

ТАНДАЛ танда этишинин туюк мамилеси.

ТАНДАЛМА *сын.* Тандалган, тандалып алынган; мыкты, келишкен.

ТАНДАМАЛ *сын.* Мыкты, жакшы, келишкен, тандалып алынган. *Колхоздун тандамал аты* (Бейшеналиев).

ТАНДАМАЛУУ *сын.* Тандалган, ылганган. *Каныбек мындай тандамалуу ат эмес, жөнөкөй чоң ат да минип көрбөгөн* (Жантөшев).

ТАНДАТ танда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАНДОО танда этишинин кыймыл атоочу.

ТАНДЫР I *зат.* Жүн аралашкан чоподон жасалган нан бышыруучу печь. *Короонун төр жагындагы тандырда бир аял от жагып жатат* (Жантөшев).

ТАНДЫР II тан этишинин аркылуу мамилеси.

ТАНК *зат.* Замбирек жана пулемёттор менен жабдылган, жолсуз жерлерде да жүрө бере турган, гусеница тамандуу, брондолгон согуштук машина.

ТАНКЕР *зат.* Ичине суюк заттар куюуга ылайыкталып жасалган жана ошол суюк заттарды ташуучу кеме. *Нефть ташуучу танкер.*

ТАНКЕТКА I *зат.* Пулемет менен кыралданган тез жүрүүчү кичинекей танк.

ТАНКЕТКА II *зат.* Аялдардын жайында кие турган жеңил бут кийиминин бир түрү.

ТАНКИСТ *зат.* Танкалык войскодо танк айдоочу согуштук кызматкер. *Танкист, учкуч, көзгө атуучу мергендер* (Маликов).

ТАНОО *зат.* 1. Мурундун дем алуучу тешиктери. *Таноосу кең. Таноолору кыпчылуу.*

2. Ошол тешиктердин эки жак капталдары. *Жумаке семиздигинен ынтыгып, таноолорун дердеңдетет* (Жантөшев).

ТАНООЛУУ *сын.* **Таноосу чоң, таноосу кең.** *Таноолуу мурдунун үстү кайкы, кара тору киши Айдарбек* (Жантөшев).

ТАНТУУ танты этишинин кыймыл атоочу.

ТАНТЫ *этиш.* Орунсуз сөз сүйлөө, дайынсыз тантырап сүйлөй берүү. *Элге жаман көрүнөт, Эби жок тантып сүйлөгөн* (Барпы).

ТАНТЫК *сын.* 1. Так сүйлөй албаган, тили так эмес, чулдур.

2. Тантыраган, оозуна келгенди тантый берген.

3. Маани-сиси жок, супсак, тантырак. *Тантык экен ыры деп, Күйгүзөт ичти күйкалап* (Тоголок Молдо).

ТАНТЫРА *этиш.* Дайынсыз сүйлөө, кежирөө, тантуу. *Кокус бирөө болбосо да бирөө тантырап коюшу мүмкүн* (Жантөшев).

ТАНТЫРАТ тантыра этишинин аркылуу мамилеси.

ТАНТЫРОО тантыра этишинин кыймыл атоочу.

ТАНТЫТ танты этишинин аркылуу мамилеси.

ТАНУУ тан этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢ I *зат.* Түн караңгысы тарап, айланага жарык кире баштаган кез, күндүзгү маалдын башталышы. *Таң жели ичиркентип бетке согот* (Мидин). *Таң сүрүп жаңы атканда, Эрик жел ойноп чапканда* (Бөкөнбаев).

ТАҢ II *зат.* Кээ бир айбандардын (мис., бөкөндүн) куйругунун астындагы ак тилкеси.

ТАҢ III: таң калуу — күтүлбөгөн жерден болгон окуяга, түшүнүксүз ар кандай нерсеге таңыркоо, таңдануу. *Мен да алардын кабарсыз болушуна таң калам. Табият — кыйын табышмак, Таң калам дайым карасам* (Аалы). *Адам таң каларлык кыйын иш.*

ТАҢ IV *этиш.* 1. Ороп, чырмап байлоо. *Балбандар аттан түшүп даярданды, Боорына, аркасына тердик таңды* (Маликов). *Таңылчакты таңгыла.*

2. Сынган же чыккан жерди ордуна келтирип, бекем ороп байлоо.

3. Эркине, оюна койбой атып бир-нерсени өткөрүүнүн, же бирөөнү макулдатуунун ж. б. аракетин кылуу, асылып сунуш кыла берүү, таңуулай берүү.

ТАҢГАК *зат.* Эмеректердин жыйналып, түрмөктөлүп оролуп, таңгыч менен таңылган түрү, таңылчак, жүктөө, жыюу же бир жакка жөнөтүү үчүн жыйнактала-лып таңылган жүк, ар кандай нерселер. *Кездеменин таңгагы. Кагаздын таңгагы.*

ТАҢГАКТА *этиш.* Таңгак кылып таңуу, таңгак-таңгак кылуу.

ТАҢГАКТАЛ таңгакта этишинин туюк мамилеси.

ТАҢГАКТАТ таңгакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАҢГАКТОО таңгакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢГЫЧ *зат.* 1. Таңгактарды, ар кандай жүктөрдү ж. б. таңа турган жип-шуу, боо, сызма.

2. Сынган же чыккан жерди ордуна келтирип таңуучу, таңа билген киши.

ТАҢДАЙ *зат.* Ооз көндөйүнүн жаа формасында ийилген үстү жагы, тилдин үстүңкү жагы. *Таңдайы кургап, тил катып. Күндөп, түндөп жол тартып* («Манас»).

◆ **Каз таңдай** — 1) тегерек баштуу чөп, 2) сайманын түрү. **Жез таңдай** — кыраакы чечен адамдарга же жеткилең мыкты акындарга айтылуучу эпитет. **Ак таңдай** — акындыгы жеткилең, мыкты акындарга айтылуучу эпитет.

ТАҢДАН *этиш.* Таң калуу, таңыркоо. *— Сиз мени кайдан таанийсыз? — деп, Каныбек таңдана карап калды* (Жантөшев).

ТАҢДАНДЫР таңдан этишинин аркылуу мамилеси.

ТАҢДАНТ таңдандыр менен бирдей.

ТАҢДАНУУ таңдан этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢКЫ *такт.* Таңга маал учурдагы, таң маалындагы. *Жайлоодогу таңкы аяздын илеби кайта элек* (Абдумомунов). *Таңкы уйку. Таңкы жел.*

ТАҢСЫК *зат.* Эңсегендик, самагандык, өтө каалагандык. *Председатель да алардын жообуна таңсык эмес эле* (Бейшеналиев).

ТАҢУУ таң этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢУУЛА *этиш.* Эркине койбой макулдатуу, бир нерсени өткөрүүнүн, алдыруунун ж. б. аракетин кылып, кайра-кайра таңа берүү.

ТАҢУУЛОО таңуула этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢШУУ таңшы этишинин кыймыл атоочу.

ТАҢШЫ *этиш.* 1. Мукам үн менен кубулжута сайроо. *Токою жашыл бүр алып, Булбулдары таңшыган* (Токтогул). *Келгин куштардын таңшыган үндөрү жүрөктү эргитет* (Сасыкбаев).

2. Кубулжуган үн менен жагымдуу ырдоо. *Таңшыган мыкты акын. Булбулдай таңшып ырдоо.*

ТАҢШЫТ таңшы этиштин аркылуу мамилеси.

ТАҢЫЛ таң этишинин туюк мамилеси.

ТАҢЫЛЧАК *зат.* Таңылып коюлган кичирээк таңгак. *Автомашина токтогондо таңылчактарын көтөрүшкөн студенттер жабалактап түшүп жатышты* («Советтик Кыргызстан»).

ТАҢЫРАЙ *этиш.* Келте, чолок болуп, теңирейген көрүнүштө болуу. *Мурду таңырайган киши.*

ТАҢЫРАЙТ таңырай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАҢЫРАКАЙ *сын.* Таңырайган, келте, чолок көрүнүштө болгон. *Мурду таңыракай жигит чөнтөгүнөн «Беломорканал» папиросун сууруп чыкты* (Жантөшев).

ТАҢЫРКА *этиш.* Таң калуу, таңдануу. *Таңыркап кароо. Таңыркаган бала эки жагын элеңдеп карайт* («Ала-Тоо»).

ТАҢЫРКАТ таңырка этишинин аркылуу мамилеси.

ТАҢЫРКОО таңырка этишинин кыймыл атоочу.

ТАП I *зат.* 1. Коомдук өндүрүштүн белгилүү бир тарыхый системасында өздөрүнүн ээлеген орду боюнча, өндүрүш

каражаттарына карата өздөрүнүн (көбүнчө закондор менен бекитилген жана оформить этилген) мамилелери боюнча, эмгекти коомдук уюштуруудагы өздөрүнүн ролу боюнча, демек, коомдук байлыктын өздөрүндө болгон үлүшүн алуунун жолу жана анын көлөмү боюнча айырмалана турган адамдардын чоң топтору — тап деп аталат (Ленин, «Улуу демилге»). *Жумушчу табы. Биз Лениндин сүйгөн табын сүйөбүз!* (Аалы).

2. Оюулары биринчи экинчисине кынаштырыла турган шырдактын эки бет кийизи.

ТАП II *зат.* 1. Ысыктын, жылуулуктун илеби. *Очоктогу от өчүп, үстү бозоруп, уламдан улам табы кетип баратат* (Байтемиров).

2. Саламаттык, ден соолук; дарман, күч-кубат. *Табым жок, кыйналып жүрөм* («Ала-Тоо»). *Табың кандай?*

ТАП III *зат.* Жүгүрө турган, ала турган абалга жеткендик, ошого жарактуу абал (күлүк ат, алгыр куштарга карата). *Күлүк табында, балам!* (Сыдыкбеков). *Тапка келбес бүркүттү Жалгыз чыгып салбагын* (Токтогул).

ТАП IV *такт.* Чак, учур, кез, мезгил. *Жүдөп калган табымда, Сапардан келген чагымда, Жүзүңдү көрдүм, арман жок* («Манас»). *Балтыр этиң толо элек, Балбан табың боло элек* («Манас»).

ТАП V *этиш.* 1. Жок, жоголгон нерсени кезиктирүү, учуратуу. *Батыш жүктүн астынан аңтарып жатып, мылтыгын таап берди* (Байтемиров). *Тапкан сүйүнөт, таныган алат* (макал).

2. Пайда кылуу, жаратуу; киреше киргизүү. *Олжо тап. Бирди тапсаң, кийип өт, миңди тапсаң, ичип өт* (макал). *Айла тап. Акыл тап. Амал тап. Эбин тап.*

3. Туш келүү, дуушар болуу, кабылуу. *Бечараның ажал таап, дүйнөдөн кайтышы биздин кабыргабызга баткан* («Ала-Тоо»). *Каза тапты.*

4. Төрөө, дүйнөгө жаратуу. *Уул тапты.*

5. Табышмактын, жашырын сырдын ж. б. жообун, аныгын билүү, билип айтып берүү. *Токто жүрөк толкубагын сабыр эт, Шыбырашкан жылдыздардын сырын тап* (Турусбеков). *Табышмактын жообун таба алышпай, балдар көпкө ойлонушту* («Жаш ленинчи»).

6. Эсептөө, эсеп кылуу, ылайык көрүү. *Ылайык таптык баарыбыз Бактылуу баатыр беренди* («Курманбек»). *Макул тапты. Туура тапты.*

◆**Тапкан экенсиң!** — айткандары туура болбой калганда, жаңылышканда же жакпаган нерсени сүйлөп койгондо мыскылдоо, кагуу, жактырбоо же какшык иретинде айтылган сөз. **Таап айтуу** — акылга чегип, туурасын айтуу, билип айтуу.

ТАП VI тап берүү—бир нерсе менен чаап, уруп жиберчүдөй, качырып кирчүдөй ыкыс берүү, обдулуу. **Тап жылдырбоо** — бура бастырбоо, жылдырбай ордунда кармоо, колун бошотпоо. **Мага эле тап** — «мени эле көрө калат», «мага эле күчү жетет» деген мааниде.

ТАП VII: тап-тап — чапканда, чапкылап сабаганда, тапылдап түшкөндө (тамчы ж. б.) чыккан дабыш.

ТАПАН I таман менен бирдей.

◆**Үч тапан** — чүкөнү же саканы үч тамандан кем эмес аралыкка сүрүп атып ойной турган чүкө ойну.

ТАПАН II *зат.* 1. Алчы, таа жактары жонулган, өкчөгөндө же алчысынан, же таасынан конуучу чүкө.

2. *өт.* Куу, митаам, айлакер. *Силердей тапан студенттерди көргөн эмесмин* (Бейшеналиев). *Ал алчы, таасын жеген тапан бала.*

ТАПАНДЫК *зат.* Куулук, митаамдык, айлакердик.

ТАПАНЧА I *зат.* Жакын жерден атууга ылайыкталган кичинекей кол курал. *Аңгыча болбой тапанчанын үнү чыкты* (Абдукаримов).

ТАПАНЧА II *зат. диал.* Көмөч казан жана ага бышырылган нан.

ТАПКЫЧ *сын.* 1. Табышкер, табаган.

2. Кыраакы, тез байкагыч, зээндүү. *Айла тапкыч акылман, Берен Бакай карыга айт* («Манас»).

ТАПКЫЧТА *этиш.* Табуу аракетин кылып издөө сураштыруу, иликтөө.

ТАПКЫЧЫЛ тапкыч менен бирдей.

ТАПОЧКА *зат.* Такасыз, жеңил бут кийимдин бир түрү. *Бир бутундагы тапочкасы жерге түшүп калганын да сезбейт* (Каимов).

ТАПТА I *этиш.* 1. Ныгыруу, тегиздөө, тапталтуу үчүн бир нерсенин үстүнөн тебелөө, салмактуу нерсе (мис., моло таш) менен бастыруу. *Кырман тапта. Жол тапта.*

2. Жуулган кирлерди бүктөп, бырыштарын алакан менен басып тегиздөө. *Жылдызкан түнү менен көйнөк-көнчөгүн жуып, кургатып, таптап алат* (Байтемиров).

3. Кетмен, соконун тиши, чалгы ж. б. куралдардын мизин жукарта чаап курчутуу.

ТАПТА II *этиш.* Табына келтирүү, жаратуу (алгыр куш, бүркүт же күлүктөргө карата).

ТАПТАЛ тапта этишинин туюк мамилеси.

ТАПТАТ тапта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАПТАШ тапта этишинин кош мамилеси.

ТАПТОО тапта этишинин кыймыл атоочу.

ТАПТЫК *сын.* Тапка таандык, таптык мүнөздө. *Биздин заман — болот жүрөк Таптык күчүн чыйраткан* (Бөкөнбаев).

ТАПЧЫЛ *зат.* Белгилүү бир тапты жактоочу. *Каным — тапчыл, өз табымды сүйөмүн* (Бөкөнбаев).

ТАПШЫР *этиш.* 1. Милдеттендирүү, бир нерсени орундоону бирөөгө буюруу, табыштоо. *Иш тапшыр. Баланы окутууну сага тапшырам.*

2. Өткөрүп берүү. *Үйүнө абышканын кайра бардым, Тапшырдым өз колуна ошол чалдын* (Шамшиев).

ТАПШЫРМА *зат.* Орундоо, аткаруу үчүн бирөөгө тапшырылган, буйрук кылынган иш, жумуш. *Өзүм сүйгөн, өзүм кирген партия, Берчи мага кыйын-кыйын тапшырма* (Үмөталиев). *Сабак баштады, мугалим үй тапшырмасын сурап жатат* («Жаш ленинчи»).

ТАПШЫРТ тапшыр этишинин аркылуу мамилеси.

ТАПШЫРУУ тапшыр этишинин кыймыл атоочу.

ТАПШЫРЫЛ тапшыр этишинин туюк мамилеси.

ТАПЫР: тапыр-тупур — тапыраган дүбүрттүү дабыш. *Сырттан жүгүргөн кишинин тапыр-тупур табышы чыгар замат, эшик шарт ачылды* (Жантөшев).

ТАПЫРА *этиш.* Тапыр-тупур этүү, дүбүрттүү, тапыр-тапыр эткен дабыш чыгаруу.

ТАПЫРАТ тапыра этишинин аркылуу мамилеси.

ТАПЫРОО тапыра этишинин кыймыл атоочу.

ТАР *сын.* 1. Эни, көлөмү тайкы, кууш, кең же жайык эмес, кысылыш. *Тар орун. Тар үй. Өтүгүң тар болсо, дүнүйөнүн кеңдигинен не пайда* (макал).

2. Жетишсиз, кемчил, кененчилик эмес. *Убакыт тар болуп калды. Оокаты тар кедейчилик заман эмес.*

3. Эркин эмес, ойдогудай иштөөгө мүмкүнчүлүк болбогон, терең кете албаган, кыйынчылыгы бар (шартка карата). *Тар жерде бирдеме дешке болбой турат. Тар жол, тайгак кечүү.*

◆**Териси тар** — чырт этме кыялы бар, ачуусу чукул, сөз көтөрүмү жок. *Териси тар киши. Териси тар неме сөз көтөрө албады.*

ТАРА I *зат.* Ташылуучу же сакталуучу товарлар салына турган ар кандай нерселер (ящик, бочка, мешок ж. б.).

ТАРА II *этиш.* 1. Чачтын, кылдын ж. б. чачышын, уйпаланганын кетирүү, тегиздөө үчүн тарак менен сыдыруу. *Кундуздай кара чачтарын Кубултуп өрүп тараган* (Осмонкул). *Ызааттап алик алгандай Сакалын сылап тарады* (Жантөшев).

2. Тарам-тарам кылуу, тарам-тарам кылып сыйдалоо. *Тарамыш тарап отурган кемпир.*

3. Туш-тушка бөлүнүп, бириндеп кетүү, бытыроо. *Отургандар үйлөрүнө таратты* (Жантөшев). *Тарап жылдыз суюлуп, Таң жарылып кашкайып* (Осмонкул).

4. Жайылуу, белгилүү болуу. *Анын Москвага бара тургандыгы небак тараптыр* (Байтемиров). *Өлкөбүзгө тарады, Том-том болгон жыйнагы* (Осмонкул).

5. Жоюлуу, жок болуу, мурдагы калыбына келүү. *Ачуусу тарады. Масы тарады. Шишик тарады.*

6. Бир негизден, тукумдан бөлүнүп, таралып чыгуу. *Орозойдон тараган Кара мүртөз Жакып хан* («Манас»). *Бир тукумдан тараган ага-инилүү туугандар.*

◆**Бойго тароо** — жеген-ичкени организмге сиңүү, аш болуу. *Ичкен кымыз бойго тарады* (Сыдыкбеков).

ТАРАЗ *сын.* Чакан, орто бойлуу, сымбаттуу. *Көгүш гүлдүү ак крепдешин көйнөгү тараз боюна куюп койгондой* (Сыдыкбеков).

ТАРАЗА *зат.* Салмак өлчөй турган прибор. *Аптека таразасы. Таразага тартып өлчөө.*

ТАРАЗАЛА *этиш.* Таразага тартуу, тараза менен өлчөө. *Азандан келип көрөлүк, Агар алтын, ак күмүш Таразалап бөлөлүк* (Токтогул).

ТАРАЗАЛАТ таразала этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРАЗАЛОО таразала этишинин кыймыл атоочу.

ТАРАЗАЧЫ *зат.* Тараза тартуучу, ар кандай жүктү, товарды таразага тартып туруучу. *Ормонбекти кырманга таразачы кылып дайындашты* (Турусбеков).

ТАРАК *зат.* Чачты, кылды ж. б. тарай турган майда тиштери бар буюм. *Мүйүз тарак. Ат тарак.*

◆**Тарак баш** — башындагы бүрү тарам-тарам болуп бөлүнгөн, сабагы ичке жана узун келген чөп өсүмдүгү.

ТАРАКТА *этиш.* 1. Катуу кыймылда, тез жүрүүдө кагылуу, согулуу аркылуу калдыраган, калдырттаган дабыш чыгаруу. *Поезд тынбай, желдей зуулап баратат, Тарак-тарак тарактап, Шарак-шарак шарактап* (Элебаев).

2. Обу жок карбаластап удургуй берүү, курулай чабагандоо. *Өйдө-төмөн тарактап жүгүрө берүү.*

ТАРАКТАТ тараква этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРАКТОО тараква этишинин кыймыл атоочу.

ТАРАЛ тара этишинин туюк мамилеси.

ТАРАМ *зат.* Бир нерсенин тал-тал болгон айрым бөлүгү, туш-тушка таралган салаа-салаа тилкеси. *Тарам-тарам тарап кеткен Токсон тогуз жолдору* (Бөкөнбаев). *Тарам-тарам арыктарга Ташбай сууну бирдей бөлөт* (Сыдыкбеков).

ТАРАМЫШ *зат.* 1. Булчуң эттерди сөөктөр менен туташтырып туруучу, созулуп кайра калыбына келүүчү, серпилгич зат. *Тарамыштын созулуп же болбосо чоюлуп калышы... анын кокустап калышынан болот* («Ден соолук»).

2. Бут кийимди ултаруу, тигүү үчүн малдын (көбүнчө жылкының) ушундай затынан жасалган жип.

◆**Тарамыш күйгүзүү** — ууруну табуу үчүн карышкырдын тарамышын отко күйгүзүү (эски ишеним боюнча жасалган аракет).

ТАРАН I *зат.* Терини булгаары же кайыш кылып ийлөөдө, иштетүүдө колдонулуучу өсүмдүктүн тамыры.

ТАРАН II тара этишинин өздүк мамилеси.

ТАРАНЧЫ *зат.* Бозомук күрөң түстүү кичине канаттуу. *Балдар чөкө таан, таранчы кармоо менен алек болушат* (Абдукаримов).

ТАРАП *зат.* Жак, багыт. *Бекжан колу менен түндүк тарапты көрсөттү* (Абдукаримов). *Темиров эки тарабынан жайылып өтүп жаткан койду карайт* (Жантөшев).

◆ **Чар тарап** — төрт тарап. *Кар бороп-лоп, шумдуктуу бороон чар тараптан сокту* (Жантөшев).

ТАРАТ тара этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРАШ тара этишинин кош мамилеси.

ТАРБАГАЙ *сын.* Тарбайган, тарбайып чыгып турган. *Андрей Ашырды көздөй тарбагай колун жайып, кучакташа кошташты* (Сасыкбаев).

ТАРБАЙ *этиш.* Тарбагай көрүнүштө болуу, арбайып, туш-тушка жайылып чыгып туруу. *Шабдалы багынын бутактары тарбайып көлөкө түшүрүүдө* (Бейшеналиев).

ТАРБАЙТ тарбай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРБАЛАҢДА тарбаңда менен бирдей.

ТАРБАҢДА *этиш.* Тарбайып, олдоксон кыймылда болуу. *Тартканда ак куу учат өрдү көздөй, Тарбаңдап чаян качат чөлдү көздөй* (Осмонкул).

ТАРБИЯ *зат.* Баланын, өспүрүмдүн же жалпы эле адамдын адептүү, маданияттуу болуу, билим алуу, туура багытта өсүп-өнүгүү жагын камсыз кылуучу жалпы аракеттин системасы. *Жаштын жакшы болмогу, Тарбия менен сезимде* (Шүкүрбеков). *Билим берүү, тарбия берүү силердин милдет* (Сыдыкбеков).

ТАРБИЯЛА *этиш.* Тарбия берүү, өстүрүү, өнүктүрүү. *Ал эчтеме эмес, биз аны тарбиялап да алабыз* (Сыдыкбеков).

ТАРБИЯЛАТ тарбияла этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРБИЯЛОО тарбияла этишинин кыймыл атоочу.

ТАРБИЯЛУУ *сын.* Тарбия алган, тарбияланган, адептүү, тарбиясы жакшы.

ТАРБИЯЧЫ *зат.* Бирөөнү тарбиялоочу, тарбия, таалим берүүчү. *Мамырканов бул айылдагы балдардын эң кадырлуу жана сүйүктүү тарбиячыларынын бири болуп калды* (Токобаев).

ТАРГЫЛ *сын.* Күрөң менен боз түстүн бири-биринен ачык ажыратылбаган темгил-темгил, чаар ала түрү. *Мураттын мингени таргыл өгүз* (Баялинов). *Таргыл мышык терезеден секирип түштү* (Сыдыкбеков).

ТАРДЫК *зат.* 1. Тарып, тар болуп турган абал, кенен эместик. *Бул жер тардык кылат. Жанга батат турбайбы Ал замандын тардыгы* (Тоголок Молдо).

2. Кең пейил, ак көңүл эместик. *Сырдаш болсоң ачык сөзгө келе алам, Мен өзүмдүн тардыгымды жеңе алам* (Осмонкул).

ТАРЕЛКА *зат.* Чакан жайпак табак. *Чучуктун жарымы бир кесим эти менен салынган тарелканы дасторконго койду* (Жантөшев).

ТАРЖЫМАЛ *зат.* Өмүр баян, биография.

ТАРИФ *зат. фин.* Баа коюунун, бир нерсени баалоонун же төлөөнүн белгилүү тартиби, көрсөткүчү.

ТАРИФИКАЦИЯ *зат.* Баа коюунун, баалоонун же төлөөнүн белгилүү объектилери боюнча классификацияга негизделген тарифтин аныктамасы.

ТАРКА тара менен бирдей.

ТАРКЫЛДА *этиш.* Бакылдап орду жок сүйлөө, орой, токтому жок, маданиятсыз жүрүш-турушта болуу. *Орой болсоң таркылдап, Наадандыктын белгиси* (Токтогул). *Жүрүш-турушу жаман, таркылдаган неме экен* («Ала-Тоо»).

ТАРКЫЛДАК: боз таркылдак — өңү бозомук, чыйырчык кейиптенген кичинекей канаттуу. *Боз таркылдак, таранчы Кыргыектин азыгы* (Тоголок Молдо).

ТАРЛЫК тардык менен бирдей.

ТАРМАК *зат.* 1. Илимдин, өндүрүштүн, кесипчиликтин ж. б. белгилүү бир багыт, өзгөчөлүк боюнча кеткен, өзүнчө айырмалуу белгилери болгон бөлүмү, тарамы. *Эл чарбасынын тармактары. Илимдин тармактары.*

2. Бүтүн нерсенин айрым бөлүгү, айрым салаасы. *Бул суу Ангара өзөнүнүн чыгыш тарабынан агып келүүчү бир тармагы эле* (Жантөшев).

ТАРМАКТА *этиш.* Тармактарга ажыроо, тармак-тармактарга бөлүнүү.

ТАРМАКТАН тармакта этишинин туюк мамилеси.

ТАРМАКТУУ *сын.* Тармактары көп, жыш. *Кыргызстандын көп тармактуу чарбасында көрүнүктүү орундардын бирин пахтачылык ээлейт* («Коммунист»).

ТАРМАЛ *сын.* Толгонуп уюлгуп турган, быжыгыр (чач, жүн жөнүндө). *Тармал чач. Тармал көрпө.*

ТАРМАЛДА *этиш.* Тармал жасоо, тармал-тармал кылуу. *Ал чачын тармалдап алган го? Кайра түлөп тармалдап, Селкилдеди чудасы* (Аалы).

ТАРМАЛДАТ тармалда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРОО тара этишинин кыймыл атоочу.

ТАРП *зат.* Жаныбарлардын өлүгүнүн калдыгы. *Жорулуу жерде тарп калбас.*

ТАРПЫ *этиш.* Чапчуу (төөгө карата). *Буура жалпак чоң таманы менен жерди тарпып алды* (Аалы).

ТАРПУУ тарпы этишинин кыймыл атоочу.

ТАРС *туур.* Урулуудан, кагылуудан же мылтык атылганда чыккан катуу дабыш. *Тарс бир коюу. Эшикти тарс жабуу. Мылтык тарс этип атылып кетти* (Жантөшев). *Тарс дегенде кара боз, Түйүлүп ыргып чуркады* («Эр Табылды»).

◆ **Тарс эсинен чыгуу** — таптакыр унутуп калуу, эстей албоо. *Ким айтканы тарс эсимден чыгып кеткенин карачы* (Байтемиров).

ТАРСАЙ *этиш.* Чыңалуу, көөп, дырдыйып кетүү, жел толуу. *Үйлөгөн карындай тарсайып турат.*

ТАРСАЙТ тарсай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРСАЮУ тарсай этишинин кыймыл атоочу.

ТАРСЫЛДА *этиш.* Удаа-удаа тарс-тарс этүү, тарс-тарс, тарса-тарс эткен дабыш чыгаруу. *Мылтык үнү көп чыгат, Удаа-удаа тарсылдап* («Эр Табылды»).

ТАРСЫЛДАТ тарсылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРСЫЛДОО тарсылда этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТ *этиш.* 1. Өзүнө карай сүйрөө; булкуу, жылдыруу, жыюу, ордунан козголтуу. *Карагай тарт. Колунан тарт. Араба тарт. Чана тарткан ат. Түндүк тарт. Буту-колун тартып, жыйналышып отуруу.*

2. Чоюу, керүү. *Жаа тарт. Тизгин тарт. Аркан тарт.*

3. Транспорт менен кандайдыр бир жүктү ташуу,бир жерден экинчи жерге жеткирүү. *Чөп тарт. Эгин тарт. Кызылча тарт.*

4. Тамак-аш коюу, берүү. *Эт тарт. Аш тарт. Табак тарт.*

5. Тартуу кылуу. *Алдына ат тартып, үстүнө чапан жабуу. Алтымыш буудан айдатып, Алдына тартуу тартпайбы* («Эр Табылды»).

6. Таразалап ченөө, өлчөө. *Эки кило кант тартып бере койчу. Нан тартып берүү. Дан тарта турган таразаңар барбы?* («Ала-Тоо»).

7. Музыкалык аспаптарды ойнотуу, күүгө келтирүү. *Кыяк тарт. Чоор тарт. Сурнай тарт.*

8. Данды тегирменден же жаргылчактан өткөрүү, майдалоо. *Тегирменге үн тартып алуу. Жаргылчакка талкан тарт.*

9. Белгилүү бир жакка багыт алуу, жөнөө, жүрүү. *Жол тарт. Сапар тарт. Үйдү карай тартты.*

10. Тамеки, нашаа, насыбай чегүү. *Тамеки тарт. Папирос тарта баштады. Нашаа тарт.*

11. Жабыштыруу, сыйпоо, жугузуу. *Жарага чайыр тарт. Бетине көө тарт. Камыр тарт.*

12. Кандайдыр бир түргө, кейипке келүү; бир абалдан экинчи абалга өтүү, өзгөрө түшүү. *Кара көк тартты. Бозомук тарта баштады. Кирпгил тартты. Оорусу жеңил тартып калды. Иш кыйын тарта баштады. Күн салкын тартып калды.*

13. Дуушар болуу, башынан кечирүү, өткөрүү, көрүү. *Зыян тарт. Кайгы тарт. Запкы тарт. Азап тарт.*

14. Кебетеси, кыялы, мүнөзү же башка белгилери боюнча окшоп, сыяктанып кетүү. *Атасын тартып балбан болчудан* («Ала-Тоо»). *Энесин тартат көрүнөт, өңдүү-түстүү киши болуптур* («Ала-Тоо»). *Мал эзсин тартпаса, арам өлөт* (макал).

15. Катыштыруу; жооптуу, милдеттүү кылуу, айыптоо. *Кызматка тарт. Көпчүлүктүн ишине тарт. Жоопко тарт. Сотко тарт.*

16. Белгилүү бир тарапты, адамды колдоого алуу, жактоо, болушуу, ошол жакка ниетин, пейлин салуу. *Өз туганына тартат. Өз жакынына тарткысы келет. Таанышына, жолдошторуна тартмак болду.*

17. Сүрөт түшүрүү, бир нерсенин сүрөтүн, элесин салуу. *Сүрөткө тарт. Сүрөтүн тартып берүү.*

18. Жазы, жука нерсени (буюмду) керүү, керип илүү же калкалап коюу. *Көшөгө тарт. Килем тарт. Туш кийиз тарт.*

19. Бөлүштүрүү, бөлүштүрүп берүү (карта оюнунда карта бөлүштүрүү).

20. Төлгө салуу. *Төлгөчү кара Төлөгүм, Төлгөндү тартчы көрөйүн* («Манас»).

21. Чабуу, чаап жиберүү. *Жаакка тартып жиберүү. Камчы менен тартып калуу.*

22. Өсүү, жетилүү. *Бой тартып өсүп калган кези. Эс тарткан балдар.*

23. Биринен экинчисине өтө, алмашыла баштоо. *Күзгө тартып калды. Мезгил кышка тартып калган кез. Күндөр өтүп, айлар күзгө тартканда* (Аалы).

24. Даярдоо, даярдап чыгаруу (арак, пиво ж. б. сыяктуу ичиликтерге карата). *Өзүнчө кылып санатты, Кымыздан тартып аракты* («Мендирман»).

25. Бөлүп, ажыратып чыгаруу. *Май тартып сүттөн сыгылып* (Турусбеков). *Тарткан сүттүн каймагы.*

26. Катар, кырка ж. б. болуп туруу, тизилүү, туурасынан тура калуу. *Туура тарт. Кырка тарт. Катар тарт. Үй мүйүз тартып отуруу.*

27. Кандайдыр бир дабыш чыгара дем алуу, демин ичине тартылтуу. *Коңурук тарт. Оп тарт. Кемпир ишене албай өңгөчүн тартып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). *Дем тарта албай калды.*

28. Оруу, чабуу, жандыруу ж. б. максаттарга ылайык шилтөө, шилтей аракет кылуу. *Ширеңке тарт. Орок тарт. Береги чалгы тарткан келиндер негедир сумсайыңкы күлүшөт* (Сыдыкбеков).

29. Белгилүү бир убактан, мезгилден баштап. *Бүгүндөн тарта. Эртеңден тарта. Күздөн тарта. Келгенден тарта. Жаралгандан тарта.*

30. Күч көрсөтүп же түрдүү аракеттерди, амалды колдонуп алып коюу, жулуп алуу, өзүнө оодарып, ыйгарып кетүү. *Колуктуңду тартып кетиштиби?* («Ала-Тоо»). *Атын тартып алып коюшту.*

31. «Токтот!», «жетишет!», «катылба!» деген мааниде колдонулат. *Тарт тилиңди! Тарт колуңду!*

32. Бирөөнү өзүнө жакындатуу, өзүнүн таасирине өткөрүү, үйүр кылуу. *Баланы өзүнө тартып, боюна үйүр кылып алды.*

ТАРТАГАЙ *сын.* Колу-буту узун, келбети чоң, тарбайып көрүнгөн. *Алдыңкы киргени кара сакал, чап жаак, тартагай киши экен* (Убукеев).

ТАРТАЙ *этиш.* Буту-колу узун, тартагай көрүнүштө болуу. *Чар-*

гын тартайып тура калды (Сыдыкбеков). *Боорго чыгып даңкайган Тайлак төөдөй тартайган* (Осмонкул).

ТАРТАЙТ тартай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРТАК *сын.* Тартайган, тартаңдаган.

ТАРТАКТА *этиш.* Тартак-тартак этип кыймылдоо, тарталактоо. *Омор жашыраак кезинде тартактап, өзүнөн качкан баланы кубалоодон да тартынчу эмес* (Сыдыкбеков).

ТАРТАКТАТ тартакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРТАЛАКТА тартакта менен бирдей.

ТАРТАКТОО тартакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТАЛАҢДА тартаңда менен бирдей.

ТАРТАҢ: тартаң-тартаң этүү — тартактап эби-сыны жок кыймылдоо.

ТАРТАҢДА *этиш.* Тартаң-тартаң этип кыймылдоо, тартактоо. *Тартаңдап качып таарынбай, Тайлашсаң боло, чырагым* (Токтогул).

ТАРТАҢДОО тартаңда этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТАР *зат.* Бөдөнөдөн чоңураак, узун буттуу, ылдам жөргөлөй турган куш. *Анын арка жагынан Тартар келди такымдап* (Тоголок Молдо).

ТАРТИП *зат.* 1. Белгилүү бир коомдун, уюмдун коллективинин бардык мүчөлөрү баш ийүүгө милдеттүү болгон эреже, жобо. *Эмгек тартиби. Аскердик тартип.*

2. Жалпы эле жүрүш-туруш эрежеси, адамга мамиле кылуунун, өзүн алып жүрүүнүн жалпы нормасы. *Тартиби жакшы адам.*

3. Белгилүү бир нерсенин жалпы ирети. *Китептериңди тартипке келтирип жыйнап кой.*

◆ **Күн тартиби** — чогулушта карала турган маселелердин тизмеси.

ТАРТИПТЕ *этиш.* Тартипке салуу; иреттөө.

ТАРТИПТӨӨ тартипте этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТИПТҮҮ *сын.* 1. Тартиптин эрежесин сактаган, тартипке баш ийген, тартиби бар. *Дүйшөнкул Шопоков тартиптүү, кайраттуу, туруктуу боец болду* (Бөкөнбаев).

2. Тартипке салынган, иреттелген.

ТАРТИПТҮҮЛҮК *зат.* Тартипке баш ийгендик.

ТАРТКЫ *зат.* Мылтыктын сүмбөсү.

ТАРТКЫЛА *этиш.* Бир нерсени кайракайра тартуу; талашып-тартышуу. *Үйүнүн каалгасын тарткыласа да бекем* (Бейшеналиев). *Бирин-бири тарткылап Балдар келет карачы* («Эр Табылды»).

ТАРТКЫЛОО тарткыла этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТКЫЛЫК *зат.* Тарта турган кыйынчылык, азап, шор. *Тарткылыгың болсо тартарсың.*

ТАРТКЫНЧАКТА тарткынчыкта менен бирдей.

ТАРТКЫНЧЫК *зат.* Кедерге, тоскоолдук, кесепет. *Сенин эмне тарткынчыгың бар?*

ТАРТКЫНЧЫКТА *этиш.* 1. Алдыга жылбай, жылууга умтулбай кетенчиктөө, артын көздөй тартылуу; кечигүү, кечендөө. *Аттар тарткынчыктап, баспай туруп алышты.*

2. *өт.* Батына албоо, тартынуу. *Аким тарткынчыктап сүйлөдү* (Сасыкбаев). *Мага кезек келгенде, мен аны билчү эмес элем деп, тарткынчыктай баштадым* (Элебаев).

ТАРТКЫНЧЫКТАТ тарткынчыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРТМА *зат.* 1. Элечектин белчесинен бастыра оролгон, жазылыгы төрт элиден ашыгыраак келип, бир нече кабат бүктөлгөн ак кездеме. *Казандай оролгон элечегине ак жибек тартма тартынган Күмүш чубалжыган көчтүн алдында келе жатат* (Жантөшев).

2. Столдун, шкафтын ж. б. ящик формасындагы суурмасы. *Катчысы комитеттин кайра туруп, Тартмадан бир топ кагаз алды суурып* (Үмөталиев).

3. *диал.* Басмайыл.

ТАРТТЫР тарт этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРТУУ I *зат.* Бирөөгө тартуулай турган, арнап бериле турган белек. *Алтымыш буудан айдатып, Алдына тартуу тартпайбы* («Эр Табылды»). *Жаныбыз да, башыбыз да силерге тартуу* (Жантөшев).

ТАРТУУ II тарт этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТУУЛА *этиш.* Тартуу кылуу, бирөөгө белек кылып берүү.

ТАРТУУЛОО тартуула этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТЫЛ тарт этишинин туюк мамилеси.

ТАРТЫМ *зат.* Тамекинин, насыбайдын бир тарта тургандай өлчөмү. *Бир тартым тамеки. Бир тартым насыбай.*

ТАРТЫН *этиш.* 1. Таңып алуу, байланып алуу (мис., чарыкты). *Бутуна чарык тартынып, Байлардын коюн багышкан* (Осмонкул). [*Бурма*] *белдемчи тартынып, башын ак жоолук менен кайра тарта буунган* (Каимов). *Курун бекем тартынды.*

2. Жалтануу, айбыгуу; тарткынчыктоо, батына албай коюу, тарткынчаактык кылуу. *Артыла берет өнөрүң, Балам, тартынбай киргин жарышка* (Токтогул). *Ынтымак болсо калкыңда, Душманыңдан тартынба* (Бөкөнбаев).

ТАРТЫНУУ тартын этишинин кыймыл атоочу.

ТАРТЫНЧААК *сын.* Жалтанчаак, уялчаак; тартынган, батына албаган, өтүмү жок, жүрөгү жок. *Тартынчаак болбой, өтүмдүү бол* («Ала-Тоо»). *Бул дастанды жазмак элем мен ачак, Кечигипмин даабай жүрөк тартынчаак* (Үмөталиев).

ТАРТЫШ I *зат.* Белгилүү бир маселе жөнүндө болгон пикир келишпөөчү-

лук, талаш. *Кычан тартышты башка жакка бурду* (Бейшеналиев). *Уюштуруу маселеси боюнча талаш-тартыштар көп болду.* («Ала-Тоо»).

◆**Аркан тартыш** — арканды мойнуна салып, эки киши өз тарабын көздөй бирин бири сүйрөп тартыша турган улуттук оюн.

ТАРТЫШ II *сын.* Жетиштүү эмес, кемчил. *Быйыл оокатыбыз тартыш боло койбос.*

ТАРТЫШ III 1. **тарт** этишинин кош мамилеси.

2. Белгилүү бир маселе боюнча өз пикирин айтып талашуу, айтышуу; керишип-урушуп калуу.

ТАРТЫШТЫК *зат.* Жетишсиздик, кемчил, тартыш болуп турган абал.

ТАРТЫШТЫР тартыш этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРТЫШУУ тартыш этишинин кыймыл атоочу.

ТАРУУ I *зат.* Шыпыргы баштанып чыгуучу майда дандуу кара эгин жана анын даны. *Торуулар бышып тараныл Талыкшып боюн каранып* (Осмонов). *Таруу актоо. Таруу бозо.*

ТАРУУ II тары этишинин кыймыл атоочу.

ТАРЧЫЛЫК *зат.* 1. Орундун, жайдын ж. б. тардыгы, кенен болбогондук.

2. Кыйын шарт, кыйынчылык; жетишсиздик, тартыш болгон абал. *Тарчылык күнгө туш кылган Залимдердин заманы* (Токтогул).

ТАРЫ *этиш.* 1. Тар болуу, кичирейүү, кууш тартуу. *Өтүгүм тарып, бутумду кыса баштады* («Ала-Тоо»).

2. Саранлык кылуу, кенен, март, берекелүү болбоо. *Атаңдын пейли тарыды* («Чалкан»). *Азыр Манас барында, Абаке, дүнүйөдөн тарыба* («Манас»).

3. Кыйынчылык, тарчылык болуу, кысылуу. *Уламдан-улам заманалары тарып, санаалары санга бөлүнө баштады* (Жантөшев).

ТАРЫК *туурасы:* **тарых**.

ТАРЫТ тары этишинин аркылуу мамилеси.

ТАРЫХ *зат.* 1. Өсүү, өнүгүү, өзгөрүү процессинде болуп турган чындык, көрүнүш. *Тарыхтын закондору. Тарыхты жамандап жаман кылбайт киши, Тарыхты түзгөн миллиондогон кишилердин иши* (Шүкүрбеков).

2. Өткөн түрмушка, доорго таандык болгон окуялардын, баштан кечирилген ар кандай иштердин, фактылардын ж. б. жалпы жыйындысы. *Өткөн иштин баарысы Тарых болот турбайбы* (Барпы). *Турмуш тарыхы.*

3. Адам коомунун өнүгүшү жөнүндөгү илим. *СССР элдеринин тарыхы. Жаңы тарых. Байыркы дүйнөнүн тарыхы. Кыргызстандын тарыхы.*

4. Кандайдыр бир нерсенин өнүгүш, өзгөрүш жолу. *Кыргыз искусствосунун тарыхы. Тилдин тарыхы.*

5. Бирөөнүн башынан өткөн, бирөөгө же бир нерсеге тиешелүү, байланыштуу болгон окуялардын, фактылардын жыйындысы; алар жөнүндө айтылган же жазылып калтырылган баяндоо. *Баары журтка белгилүү Маалим болгон тарыхым* (Тоголок Молдо). *Муслимахундун тарыхы баарыга маалим* (Жантөшев). *Окуучулар! Жаш Эшимдин тарыхын Айтпасам да билесиңер аныгын* (Аалы).

ТАРЫХИЙ *туурасы:* **тарыхый**.

ТАРЫХЧЫ *зат.* Тарых боюнча адис окумуштуу жана ушул жагына адистешкен башка кызматкер.

ТАРЫХЫЙ *сын.* 1. Тарыхка (1, 2, 3, 4-мааниле-ри боюнча) таандык. *Тарыхый процесс. Тарыхый эстеликтер. Тарыхый изилдөөлөр.*

2. Реалдуу чындыкка туура келген, болгон, болуп өткөн, ойдон чыгарылган эмес. *Тарыхый факт. Тарыхый окуялар.*

3. Тарыхка кирген, белгилүү болгон, тарых үчүн өзгөчө мааниси бар. *Тарыхый дата. Партиянын тарыхый чечимдери.*

4. Тарыхта болгон окуяларга, тарыхтын фактыларына негизделип иштелген, ошолорду негиз кылып алган. *Тарыхый роман. Тарыхый картиналар.*

5. Кубулушту, ар кандай нерсени өнүгүү, өсүү жагынан алып текшерген, өсүү, өнүгүү жактары менен бирдикте алып караган. *Тилдин тарыхый грамматикасы.*

6. Коомдун өнүгүшүнүн белгилүү этабына ылайык келген, коомдун белгилүү бир мезгилинде пайда болгон; түбөлүк эмес, өтүп, өзгөрүп турган. *Тарыхый категория.*

ТАСКАК *зат.* Аттын желгенден катуу жүрүшү. *Ат таскагын жазбай келе жатты* (Баялинов). *Таскагы катуулаган сайын Чоң Торунун жал куйругу жайыла түшөт* (Сыдыкбеков).

ТАСКАКТА *этиш.* Таскагын салып чуркоо, таскак менен жүрүү. *Тор кашка ооздугун күрт-күрт чайнап, таскактап жөнөдү* («Ала-Тоо»).

ТАСКАКТАТ таскакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАСКАКТОО таскакта этишинин кыймыл атоочу.

ТАСКАКТУУ *сын.* Таскак жүрүштүү, таскагы катуу.

ТАСМА *зат.* Эчкинин ийленген чылгый терисинен тилинген кайыш, көк. *Чыгарып тасма кайыш канжыгамды, Чырмадым карыштыра оозун таңып* (Осмонкул).

◆**Тасма бел** — ичке, сындуу бел (кыздарга, аялдарга карата).

ТАСМАЛ *зат.* Кургак тамак-аш орой турган же тамак ичерде алдыга жайыла турган кичине дасторкон. *Бермет тасмалга оролгон бир токочту колтугуна кысып, абышкасына келет* (Сыдыкбеков).

ТАСМЫЯ *зат.* Болгон мүлк, каражат; болгон алы, күчү, кудурети, билгени. *Бар болгон тасмыям ушул.*

ТАСТАЙ *этиш.* 1. Жыпжылма болуп тасырайып туруу. *Айдай тунук тастайган Бетимди алды карылык* (Токтогул). *Күлө багып кашкайып, Күзгүдөй бети тастайып* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Тайманбай, ийменбей кароо, уялбоо. *Тастайып карап турат.*

ТАСТАЙТ тастай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАСТАҢ: тастаң-тастаң этүү — тайманбай кароо, кымырылбаган, ийменбеген көрүнүштө болуу.

ТАСТАҢДА *этиш.* Тастаң-тастаң этүү. *Акия жанында миң киши карап турса да тастаңдап ылдам* (Сыдыкбеков). *Жоргонун маңдайы өйдө тарткан эликтей тастаңдайт* (Сыдыкбеков).

ТАСТАР: тастар боо *же* **тастар жип** — боз үйдүн түндүгүнөн баш босогого карай тартып байлоочу боосу.

ТАСТАРЛУУ *сын.* 1. Тастары бар (боз үйгө карата).

2. *өт.* Күйөөгө чыккан аял. *Айдай такыялуубу же тастарлуубу?*

ТАСТАЮУ тастай этишинин кыймыл атоочу.

ТАСЫРАЙ *этиш.* Такыр, жыпжылма болуп көрүнүү, кашкаюу. *Асман аарчып таштагандай тасырайып турат* (Байтемиров). *Кырманды сугарып таштагандыктан, тасырайып чаңсыз* (Жантөшев).

ТАСЫРАЙТ тасырай этишинин аркылуу мамилеси.

ТАСЫРАҢДА *этиш.* Тайманбай, ийменбей ачык сүйлөө, тартынбоо (көбүнчө кыз-келиндердин улууларга кылган мамилесине карата).

ТАСЫРАҢДОО тасыранда этишинин кыймыл атоочу.

ТАСЫРАЮУ тасырай этишинин кыймыл атоочу.

ТАТ *этиш.* 1. Тил аркылуу татканып даамын билүү.

2. Тамактануу, оокат-аш ичүү; жеп көрүү. *Үйгө кирип, даам татып чык* (Убукеев). *Алмаңдан бирди ыргытчы, Даамын татып көрөйүп* (Маликов).

ТАТААЛ *сын.* 1. Составы ар түрдүү, бир канча бөлүктөрдөн, элементтерден турган, түзүлүшү жөнөкөй эмес. *Татаал сүйлөм. Татаал сандар.*

2. Түшүндүрүүгө, аткарууга, чечүүгө ж. б. кыйындык кылган, жеңил эмес; оор, кыйын. *Татаал иш. Татаал проблема. Татаал шарт.*

ТАТААЛДЫК *зат.* Кыйындык, татаал, оор болгон шарт, абал. *Жолдун татаалдыгына карабастан, ылдамдата бастырдым* (Мидин).

ТАТТУУ *сын.* 1. Кантка, балга ж. б. мүнөздүү даам, татты. *Апам дүкөндөн кант, набат, мейиз жана ушуга окшогон таттуу нерселерди сатып келди.*

2. *өт.* Уккулуктуу, жанга жагымдуу, сүйкүмдүү. *Эл таттуу уйкуда жатышат. Кичи пейил, шамдагай, Сөзү таттуу курч эле* (Аалы).

ТАТТЫ 1. таттуу менен бирдей.

2. Кант, набат, конфета ж. б. сыяктуу таттуу даам-татымдардын жалпы наамы.

ТАТУУ I *сын.* Бири бирине жакын, ынак, ынтымактуу. *Силер татуу болсоңор, биздин көңүлүбүз куунак* (Байтемиров). *Сыр алдырбай бирөөгө, Болгула татуу-ынтымак* (Осмонкул).

ТАТУУ II тат этишинин кыймыл атоочу.

ТАТУУЛУК *зат.* Ынактык, ынтымактуулук. [*Жамила*] *совет элинин бузулгус достугун, татуулугун балдарга айтты* (Баялинов).

ТАТЫ *этиш.* 1. Даамы келүү, даамдануу. *Арзандын сорпосу татыбайт* (макал). *Суусунча балдай татыган Сууларың кетпес көңүлдөн* (Бөкөнбаев). *Тойгондо токтунун эти топурак татыйт* (макал).

2. *өт.* Жалпы сапаты, көлөмү, күчү ж. б. жактары боюнча экинчи бирөөнө же башка бир нерсеге тең келүү, барабарлашуу, ошончолук боло алуу. *Бириң миңге татыган Баарың баатыр балбан эр* («Эр Табылды»).

ТАТЫК *зат.* 1. Даам. *Бул кыз теңтуштарын көрсөтсө, алар жемиштин татыгын алышып, жабыла келишет го эми* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Бир нерсеге арзый тургандык, жарай турган, баалуулук. *Сынчыдан чыга берет сөздүн курчу, Татыгы сыналганча жете турган* (Аалы).

ТАТЫКТУУ *сын.* 1. Татыгы бар, даамдуу.

2. *өт.* Арзый турган, татырлык. *Татыктуу белек. Түгөлдүн сыймыкка татыктуу экендигине эч кимиси шек кылышкан жок* (Бейшеналиев).

ТАТЫМ *зат.* 1. Туздун бир тамактык, бир жолу татыгыдай өлчөмү. *Бир татым туз.*

2. **татык** менен бирдей.

ТАТЫНА *сын.* Жакшынакай, татынакай. *Жанаша чыккан эки гүл Кызыл, сары татына* (Үмөталиев).

ТАТЫНАКАЙ *сын.* Көрүнүшү, көркү сымбаттуу, жакшынакай. *Трактор кичинекей дөңсөөдөн өтө бергенде, тоо этектеп орношкон татынакай кыштак көрүндү* («Жаңы ленинчи»). *Сабыр татынакай бөбөгүн ээрчитип алып киного кетти.*

ТАТЫРЛЫК *сын.* Арзырлык, жарарлык, татый аларлык. *Бурманын тамашасына татырлык жооп таба албай, [Сатылган] көйнөгүнүн жакасын тегерете берди* (Аалы).

ТАЧАНКА *зат.* Кош ат чегилүүчү үстү ачык жеңил араба.

ТАЧКА *зат.* Түртүп жылдыра турган бир дөңгөлөктүү кол араба. *Тачкачылар тачканы түртүп жөнөйт* (Сасыкбаев).

ТАШ I *зат.* 1. Эрип же бытырап бөлүнүп кетчү касиети жок тоо тектеринин тобуна кирүүчү ар түрдүү көлөмдөгү катуу зат. *Жалпак таш. Борчук таш. Майда таштар.*

2. Металлдан түрдүү салмакта жасалып, тараза менен өлчөөгө колдонулуучу жүктөр.

3. Шахмат, шашка оюндарынын фигурасы.

◆ **Таш жалак калуу** *к.* **жалак. Таш балакет жок** — эчтеме, эч нерсе жок. *Бара калса, белен машина түрмак, таш балакет жок* («Чалкан»). **Ташы талкан болуу** — эч нерсеси калбай талкаланууу, кыйроо. *Бүгүн анын оюнун ташы талкан болду* (Байтемиров). **Ташка тамга баскандай** *к.* **тамга. Ыргыткан ташы өйдө кулоо** — иши оңолуу, арааны жүрүү.

ТАШ II *зат. эс.* 8 километрге барабар келген аралык өлчөмү.

ТАШКЫН *зат.* Суунун жээктен ашып-ташып, кирип күкүктөшү. *Ташкын суу тамырын жулуп агызды Ошол жердеги бүткүл чөптү* (Шүкүрбеков). *Ташкын болуу. Суу ташкыны.*

ТАШКЫНДА *этиш.* 1. Жээктен ашып-ташуу, кирүү, ташкын болуу. *Ташкындап жаткан дайраны Тамчыдай сезип көрбөдүң* (Бөкөнбаев).

2. Толуу, артуу, көбөйүү, күчүнө кирүү. *Таланты ташкындаган жаштар. Зарданып көргөн кордугум Ташкындайт менин ичимде* (Токтогул).

ТАШКЫНДАН ташкында этишинин өздүк мамилеси.

ТАШКЫНДАТ ташкында этишинин аркылуу мамилеси.

ТАШКЫНДОО ташкында этишинин кыймыл атоочу.

ТАШТА *этиш.* 1. Колдон түшүрүп же ыргытып жиберүү. *Китепти жерге таштап салбай, столдун үстүнө кой, балам* («Ала-Тоо»). *Кетмендерди кайда таштаган элең* («Ала-Тоо»).

2. Көңүл бурбай, карабай коюу, калтырып кетүү, карабай кетип калуу. *Үйүңдү таштап, талаага Жатпагыла, балдар ай* (Барпы). *Бала-чакабызды таштап кете бергидей кара бет, жел таман кишилерден эмес элек* («Ала-Тоо»).

3. Керексиз, пайдасы жок нерсе катарында колдон чыгаруу, колго албай коюу. *Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун!* (Турусбеков).

4. Калтырып коюу, токтотуп коюу, экинчи кайталабоо, тыйылуу. *Тамекини ташта. Аракты ташта. Ушул кежирликти ташласак, чатакты унутушсак* (Сыдыкбеков).

5. Көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Сынып кала таштады. Жыгылып кала таштады.*

ТАШТАК *сын.* Таштуу, ташы көп (жерге карата). *Аскалуу капчыгай, таштак жол, ысык күндө акындын жаны кыйналды* (Бөкөнбаев). *Ууду-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо, какыраган таштак* (Жантөшев).

ТАШТАЛ таштa этишинин туюк мамилеси.

ТАШТАНДЫ *зат.* Керектен чыккан, керекке жарабаган, таштала турган акырчикир.

ТАШТАТ таштa этишинин аркылуу мамилеси.

ТАШТЕК чылапчын менен бирдей.

ТАШТОО ташта этишинин кыймыл атоочу.

ТАШТУУ *сын.* Ташы көп, таштак. *Таштуу жерди баса албай, Ташыркаган кезегим* («Жазгыч акындар»).

ТАШУУ ташы этиштеринин кыймыл атоочу.

ТАШЧЫ *зат.* 1. Таш чегүүчү, таш тегиздөөчү. *Ташты чегип, чийме салган ташчыдай, Эмгек менен кырк алтыны алтаган* (Аалы).

2. Таш коюучу, таш тизүүчү жумушчу.

ТАШЫ I *этиш.* Ташкындап ашуу; көбөйүү, кырынан ашып төгүлүү, жайпоо. *Дарыя ташып, деңиз толкуду* (Жантөшев). *Казан ташып кетпесин, отту кичинеден жак* («Ала-Тоо»).

ТАШЫ II *этиш.* Бир жерден экинчи жерге алып баруу, жеткирүү. *Эркин кош айдагандарга тамак ташып берет* (Жантөшев).

ТАШЫЛ ташы II этишинин туюк мамилеси.

ТАШЫМАЛ *зат.* Жазып келаткан жолго толук батпай калган сөздүн мууну экинчи сапка бөлүнгөндүгүн көрсөтүүчү белги (-).

ТАШЫМАЛДА *этиш.* Ташымал белгисин коюу аркылуу сөздүн тийиштүү бөлүгүн экинчи жолго бөлүп жазуу.

ТАШЫМАЛДОО ташымалда этишинин кыймыл атоочу.

ТАШЫМАЛДОО ташымалда этишинин кыймыл атоочу.

ТАШЫН ташы II этишинин өздүк мамилеси.

ТАШЫРКА *этиш.* 1. Таштуу жолдо көп жүрүп, туягы кетилүү, тажап, жакшы баса албай калуу. *Жабыгып жүрсө жигитти, Жакырсың деп кордобо, Ташыркаса бууданды, Баса албайт деп болжобо* (макал). *Жолоочулардын аттары такалуу болсо да, ташыркаган сыяктуу бүжүрөшөт* (Каимов).

2. *өт.* Көп баскандан таманы кабарып кетүү; чарчоо, талыгуу (адамга карата). *Торгой акун экөөбүз жыңайлак элек, ушу жерге келгенде ташыркап, жадап калдык* (Элебаев). *Мен жабыксам, ташыркаймын, мөгдөймүн, Кыялдансам, түбү терең көлдөймүн* (Турусбеков).

ТАШЫТ ташы этиштеринин аркылуу мамилеси.

ТАЮУ I тай этишинин кыймыл атоочу.

ТАЮУ II тайы этишинин кыймыл атоочу.

ТАЯ *этиш.* 1. Жөлөө. *Карыя таягын дубалга таяп койду. Гүлайым башын Алымкулдун көкүрөгүнө таяды* (Абдукаримов).

2. Белгилүү бир чекке жакындап баруу. *Күн бешимге таяп калган кезде, Чаргын үйүнө келип түштү* (Сыдыкбеков). *Кемпири да, өзү да жетимиш таяп барып калгандыктан, колхоздо жумуш кылышпайт* (Байтемиров).

3. Бир нерсеге негиздөө, такоо, байланыштыруу. *Фактыга таяп айтуу. Кепти саясатка таяп сүйлөө.*

ТАЯК *зат.* Таянып жүрүүгө колдонулуучу жыгач же башка нерсе.

ТАЯКЕ *зат.* Эненин эркек туугандары. *Ак-Суудагы таякем Мейманга келсе болбойбу* (Осмонов).

ТАЯКТА *этиш.* Таяк менен сабоо; уруу, согуу.

ТАЯКТАТ таякта этишинин аркылуу мамилеси.

ТАЯКТОО таякта этишинин кыймыл атоочу.

ТАЯН 1. тая этишинин өздүк мамилеси.

2. Бирөөгө же бир нерсеге ишеним кылуу, бел кылуу, негизденүү. *Фактыга таянып сүйлөө. Таяна турган кишиси ким?*

ТАЯНУУ таян этишинин кыймыл атоочу.
ТАЯНЕ таене менен бирдей.
ТАЯНЫЧ *зат.* 1. Таянып, жөлөнүп тура турган же бир нерсени таёо, тирөө үчүн коюлган жөлөк.
2. *өт.* Жөлөк, тирек. *Комсомол партиянын таянычы болду* («Коммунист»).
ТАЯТА *зат.* Эненин атасы. *Таятам картайып калгандыктан, дайыма биз менен бирге жүрүү оор* (Жантөшев).
ТЕАТР *зат.* 1. Драма, опера, балет сыяктуу сахналык оюндарды актёрлор аркылуу көрүүчүлөргө элестүү кылып көрсөтүү искусствосу.
2. Ушундай оюндарды көрсөтүүгө ылайыкталып салынган жай.
ТЕБЕЛЕ *этиш.* 1. Тепсөө, кайта-кайта баса берүү, таптай берүү. *Баскан жерин тебелеп, Бирөөнү бирөө жемелеп* («Манас»).
2. *өт.* Эзүү, үстөмдүк кылуу. *Түбү сурап эл бийлеп, Көрүнгөндү тебелеп, Жеп келгенден эмесмин* (Токтогул).
ТЕБЕЛЕН тебеле этишинин өздүк мамилеси.
ТЕБЕЛЕТ тебеле этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕБЕЛӨӨ тебеле этишинин кыймыл атоочу.
ТЕБЕНЭЭК *сын.* Тээп жиберме адаты бар, тээп алма (мис., жылкы).
ТЕБЕТЕЙ *зат.* Кыруусуна көрпө же аң терилери (түлкү, суусар, кундуз ж. б. териси) салынып тигилген жылуу баш кийим. *Эски түлкү тебетейин кырдантып, Оңдоп кийип мандаш урду Акынбай* (Аалы). *Бир тутам үкү тагынган, кундуз тебетей кийген Атабектин кызы Кылымкан* (Жантөшев).
ТЕБҮҮ теп этишинин кыймыл атоочу.
ТЕГЕРЕК *зат.* 1. Шакек, алкак сыяктуу форма. *Тегерек чийүү. Тегерек стол.*
2. Айлана-чөйрө, теребел. *Тегеректен изден көрчү, жүргендүр* («Ала-Тоо»).
ТЕГЕРЕКТЕ *этиш.* Туш-тарабын айландыра курчап тосуу, тегерете курчоо. *Алты-жети бала аны тегеректеп алыптыр* (Байтемиров). *Адаттагыдай амандашып, столду тегеректеп отуруп калдык* (Жантөшев).
ТЕГЕРЕКТЕТ тегеректе этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕГЕРЕКТӨӨ тегеректе этишинин кыймыл атоочу.
ТЕГЕРЕН *этиш.* 1. Бир нерсени тегерете айлануу, тегерете айланып жүрүү. *Үйдү тегерене айлануу. Отту тегерене чуркоо.*
2. Өз огунда айлануу, чимирилүү.
ТЕГЕРЕНҮҮ тегерен этишинин кыймыл атоочу.
ТЕГЕРЕТ *этиш.* Айландыруу, тегеренген абалга, кыймылга келтирүү. *Кадыр дөңгөлөктү эки үч тегеретип келип, кайра ордуна койду* (Сасыкбаев).
ТЕГЕРЕТЕ *такт.* Айландыра, туш-тарабын курчай. *Тегерете чуркоо. Үй тегерете бак тигүү.*
ТЕГЕРЕТТИР тегерет этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕГЕРЕТҮҮ тегерет этишинин кыймыл атоочу.
ТЕГИЗ *сын.* 1. Түз, уңкул-чуңкулу, өңгүл-дөңгүлү жок; жылма. *Конушу тегиз, жайыты кенен, абасы салкын атактуу Муз-Төр ушул* (Каимов). *Таластын тоосу бийик, жери тегиз* (Шүкүрбеков). *Үстү тегиз тактай.*
2. Текши, ала-чокул эмес. *Жаз келди, талаа тегиз гүлдөдү, Гүл гана эмес, тикенек да бүрдөдү* (Шүкүрбеков). *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле* (Осмонкул).
3. Жалпы, баары. — *Кандай тегиз аман-эсен жатасыңарбы* (Каимов).
ТЕГИЗДЕ *этиш.* Тегиз кылуу, уңкул-чуңкулу, өңгүл-дөңгүлү жок кылып жылмалоо, түзөтүү, таптоо. *Аял-эркек тең иштеп, Адырды бузуп тегиздеп, Асканы жарып суу алды* (Убукеев). *Акмат кетменинин сабын тегиздеп копшоодо* (Сыдыкбеков).
ТЕГИЗДЕЛ тегизде этишинин туюк мамилеси.
ТЕГИЗДЕТ тегизде этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕГИЗДӨӨ тегизде этишинин кыймыл атоочу.
ТЕГИН *зат.* 1. Бекер, акысыз. *Эксең эгин, ичерсиң тегин* (макал). *Кабылга бирөөнүн тегин тамагын ичиш кыйын болчу* (Элебаев).
2. Бекер, курулай, жалган. *Бул кеп тегин эмес. Тегин жерден өрт чыкпайт* (макал).
ТЕГИРИЧ *зат.* Кооздук үчүн ууктардын матоосунун үстүнөн тегерете айландырып тартылган, чачысы керегенин башына тиер-тийбес болуп кооздолуп жасалган эндүү тасма, кооздук жасалга. *Үйдүн ички көрүнүшү: сырдалган уук, кереге, кырка тартылган тегирич, жабык баш* (Жантөшев).
ТЕГИРМЕН *зат.* Эгинди майдалап тартууга (ун, талкан, шак салдырууга) ылайыктап курулган жай. *Тегирменге ун салдыруу.*
ТЕГИРМЕНЧИ *зат.* Тегирменди тейлеген, анын бардык тетиктерин билген адам.
ТЕЖЕМЕЛ: тежемел бала — эмчек сүтүнөн ажыратып, тамак берип багылган бала. *Ал аялдын аркасына көтөргөнү тежемел бала эле* (Жантөшев).
ТЕЖИК *сын.* Тил албаган, кепке-сөзгө көнбөгөн, өз билгенин бербеген, кежир, мүнөзү терс.
ТЕЗ *такт.* Бат, ылдам, ыкчам; ошол замат, дароо, токтолбостон. *Тез бүтүрө турган ишти? Каныбек өтө кубанычтуулук менен тез жооп берди* (Жантөшев).
ТЕЗДЕ *этиш.* Тез иштөө, тез аткаруу, тезинен бүтүрүүнүн аракетин кылуу. *Ишиңди тезде. Тездеп аракеттен.*
ТЕЗДЕТ тезде этишинин аркылуу мамилеси.
ТЕЗДЕТИЛ тездет этишинин туюк мамилеси.
ТЕЗДЕТҮҮ тездет этишинин кыймыл атоочу.

ТЕЗДИК *зат.* Ылдамдык, ыкчамдык, тез аракеттенгендик, тез иштегендик. *Саатына жүз алтымыш километр тездикте бара жатабыз* (Бөкөнбаев). *Бирок чиркин аздыгына мейли эле, Анын октой тездигине катат баш* (Осмонов). *Иштин тездиги эле жакшы.*

ТЕЗЕК *зат.* Малдын кыгы, ошол кыктан жайып кургатылган отун. *Жийдегул бил адырлардан нечен жолу тезек терген* (Сасыкбаев).

ТЕЗИС *зат.* Докладдарда, лекцияларда, билдирүүлөрдө айтылган ойлордун ар биринин кыскартылып берилген негизги мазмуну. *Ленидин апрель тезистерин.. турмушка ашыруу Октябрдын жеңишине алып келди* («Коммунист»).

ТЕЙЛЕ *этиш.* 1. Калктын тийиштүү талаптарын, керектөөлөрүн камсыз кылуу үчүн иштөө, ушундай максатка байланыштуу иш алып баруу. *Алуучуларды тейлеген бир гана сатуучу бар* («Ала-Тоо»).

2. Машинаны, станокту ж. б. иштетүү, ишке киргизүү аракетине байланыштуу кызмат кылуу, аларды башкаруу.

3. Малды байлап, алдына жем-чөбүн салып жайгаштыруу. *Малды тейлеп коюп, шашпай жөнөбөйсүңөрбү* («Ала-Тоо»).

ТЕЙЛЕН тейле этишинин өздүк мамилеси.

ТЕЙЛЕТ тейле этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕЙЛӨӨ тейле этишинин кыймыл атоочу.

ТЕК I *зат.* 1. Келип чыккан түбү, түпкү укум-тукуму, негизи. *Муратбек тегин уксаң, кедей* (Абдыраманов). *Билбеймин ата-тегиңди, Аныктап айтчы кебиңди* (Токтогул).

2. Жер кыртышынын составдык бөлүгүнөн болгон, көбүнчө туруктуу составдан турган же жерден казылып алынуучу минерал. *Тоо тектери.*

ТЕК II *такт.* 1. Тынч, жөн эле, тим. *Тек тур. Тек тура албай азоо аттай жулунат* (Осмонкул). *Кел большевик, олтурба тек, Суу чыгарам таштан да* (Аалы).

2. Бекерге, жокко. *Умут текке кеткен жок* («Советтик Кыргызстан»). *Колхозчулар убактысын текке кетиришкен жок* (Бейшеналиев).

ТЕКЕ *зат.* Эчкинин эркеги (колдо багылганы жана жапайысы). *Теке салуу. Тоо теке.*

◆**Так теке** — жипке туташтырылган жана жипти тартып секиртип ойнотуу (көбүнчө комуз черткенде) үчүн жыгачтан жасалган текенин сөлөкөтү. **Кыз теке** — 1) гермафродит; 2) кыздар менен көбүрөөк ойногон, кылык-жоругу кызга жакын болгон эркек бала.

ТЕКЕБЕР *зат.* 1. Кесирсинген, теңине албаган, менменсинген. *Текебер адам.*

2. Кесирдүүлүк, менменсингендик. *Сенин текебериң мага жаккан жок* (Байтемиров). *Текебер көп өзүңдө, Күрүлдөйсүң чениң жок* (Тоголок Молдо).

ТЕКЕБЕРДҮҮ *сын.* Текебери күчтүү, кесирлүү. *Мурдагы текебердүү менменсинүүдөн эчтеме калбай, кибирей түштү* («Ала-Тоо»). *Ал күндөрдө жүрөгүңдү тебелеп Текебердүү манап, байлар жайлаган* (Маликов).

ТЕКЕБЕРЧИЛИК *зат.* Текебер кылгандык, кесирсингендик, теңсинбегендик, менменсингендик. *Текшерүүчүлөрдүн текеберчилиги* («Чалкан»). *Майданга келген дүйнөгө текеберчилик кылба* (Бейшеналиев).

ТЕКЕЙ *зат.* Ката элек, солкулдак кезинде желе турган бир катар өсүмдүктөрдүн жалпы наамы. *Кой текей. Үй текей. Жылкы текей.*

ТЕКЕЧЕР *зат.* 1. Эки жаштан өткөн теке.

2. Бир эни алынган (чала биттелген) теке.

ТЕКИЛДЕ *этиш.* Тез-тез кыймылдоо, шашып, ылдам жүрүү. *Кычан текилдеген боюнча класска келип, окуучуларга сүйүнчүлөдү* (Бейшеналиев).

ТЕКИЛДЕТ текилде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕКИЛДӨӨ текилде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕКИРЕҢ *зат.* Аттын секирип чуркаган жүрүшү.

ТЕКИРЕҢДЕ *этиш.* Текирең менен жүрүү.

ТЕКИРЕҢДЕТ текиреңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕКИРЕҢДӨӨ текиреңде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕККЕ *такт.* Бекер, курулай, бошко. *Мээнети текке кетүү.*

ТЕКӨӨР *зат.* Бүркүт же башка алгыр куштардын, короздун ж. б. тээп кол салууда, кармашууда колдоно турган артқы тырмагы.

ТЕКӨӨРЛӨ *этиш.* Текөөрү менен тебүү.

ТЕКӨӨРЛӨШ *этиш.* 1. Текөөрү менен тебишүү, тебишип кармашуу.

2. *өт.* Кармашуу, каршылашып салгылашуу, бири-бири менен касташуу.

ТЕКСТ *зат.* Адабий чыгарманын, илимий эмгектин, кандайдыр бир документтин, докладдын ж. б. кагаз бетине же башка нерсеге түшүрүлгөн жазуусу; анын айрым үзүндүсү.

ТЕКСТИЛЬ *зат.* Токуу ишканасынан иштелип чыгарылган ар кандай кездемелер, ткань.

ТЕКСТОЛОГ *зат.* Текстология боюнча адис.

ТЕКСТОЛОГИЯ *зат.* Адабий эстеликтердин, тарыхый документтердин ж. б. тексттерин тууралап аныктоо, ажыратып чыгуу жана бастыруу иштерин жүргүзүүчү филологиянын тармагы.

ТЕКТИР *зат.* Тоонун, бийик дөбөнүн же таштын, зооканын боорундагы, капталындагы түз жер, секи. *Бабайдын үйүнүн артындагы тектир эсиме түштү* (Элебаев). *Тектиринде теке бар, Будурунда бугу бар* («Манас»).

ТЕКТҮҮ *сын.* Ата-теги мыкты, теги жакшы.

ТЕКЧЕ *зат.* 1. Аялдарга тийиштүү майда-барат буюм-теримдерди коюу үчүн

боз үйдүн керегесинин баш жагына бекитилген кичинекей орун.

2. Китеп же ар кандай буюм-терим коюу үчүн жасалган полка; терезенин астынкы тектирчеси. *Анархан колундагыларын текчеге койду* (Жантөшев). *Тамдын боорундагы текчедеги анча-мынча идиш-аяк күүгүмдөн көрүнөт* (Байтемиров).

ТЕКШЕР *этиш.* Бир нерсенин жакшы же жаман жагын талдоо, толуктугун, кемчилдигин, тууралыгын аныктоо, тактоо, эсебин алуу ж. б. үчүн кылдаттык менен карап чыгуу. *Азыркы күндө ар иштн Акыйкат менен текшерди* (Осмонкул). *Текшерип көрсөң болбойбу Жалган менен аныкты* (Токтогул). *Иштин сапатын текшерип көрүү. Кассаны текшерип чыгуу. Окуучулардын билим деңгээлин текшере турган экзамендер.*

ТЕКШЕРИЛ текшер этишинин туюк мамилеси.

ТЕКШЕРИШ текшер этишинин кош мамилеси.

ТЕКШЕРТ текшер этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕКШЕРҮҮ текшер этишинин кыймыл атоочу.

ТЕКШЕРҮҮЧҮ *зат.* Кандайдыр бир иштин аткарылышын, жүрүшүн же башка эсеп-кысап иштерин текшерип, талдоо жүргүзүүчү.

ТЕКШИ *сын.* 1. Бирдей, бир катар, бир кылка. *Ушу келген буруттар Баары текши эр экен* («Манас»).

2. Бүт, туташ, жапырт. *Кырк чоронун баарысы, Текши кирди жабыла* («Манас»). *Түзү, ою текши буудай* (Осмонов).

ТӨЛ *зат.* 1. Эки эне эмген төл. *Тел козу. Тел эмген кулун сойдурду* («Курманбек»).

2. Бири-бирине жанаша турган, жанаша жайкашкан эки нерсе. *Тел арча. Тел дайра.*

ТЕЛЕ: теле көрсөтүү — телевидение аркылуу берилүүчү көрсөтүүлөр. *Теле көрсөтүүлөрдүн программасы.*

ТЕЛЕВИДЕНИЕ *зат.* Электро жана радио байланыш каражаттары менен нерсенин, окуянын көрүнүшүн белгилүү аралыктан экранга берүү жана кабыл алуу жолу.

ТЕЛЕВИЗОР *зат.* Теле көрсөтүүлөрдү кабыл алууга ылайыкталып жасалган экрандуу аппарат. *Дайым сени үгуп, көрүп турууга Сатып келип телевизор коёюн* (Аалы).

ТЕЛЕГЕЙ: телегейи тең *же* **телегейи тегиз** — бардык жагы ойдогудай келишкен, бардыгы орду-орду менен болгон, шайма-шай; жетиштүү. *Кыргызстан, келечеги кең стан, Үнөм, чарба, телегейи тең стан* (Аалы). *Кимдин эле телегейи тегиз болуп атыптыр дейсиң* («Чалкан»).

ТЕЛЕГРАММА *зат.* Телеграф аркылуу берилген кабар жана ошондой кабар жазылган бланк. *Телеграмма берүү. Куттуктоо телеграммасы.*

ТЕЛЕГРАФ *зат.* 1. Электр энергиясынын жардамы менен сым линиясы аркылуу белгилүү аралыкка тездик менен кабар берүүгө ылайыкташтырылып түзүлгөн техникалык система. *Келдим дагы портретин карадым, Уккум келбей телеграфтын кабарын* (Маликов).

2. Ушундай кабарларды кабыл алуу жана берип туруу иштерин жүргүзүүчү мекеме.

ТЕЛЕГРАФИСТ *зат.* Телеграмманы кабыл алып, жөнөтүп туруучу телеграф кызматкери.

ТЕЛЕСКОП *зат.* Асман телолоруна байкоо жүргүзүүдө колдонулуучу оптикалык прибор.

ТЕЛЕФОН *зат.* 1. Электр энергиясынын жардамы менен сым линиясы аркылуу ар кандай аралыкка үндү жеткирүүгө ылайыкталып түзүлгөн техникалык система. *Радио, телефон үй башына сүйлөдү* (Осмонкул).

2. Ошондой жол менен сүйлөшүүгө ылайыкталган аппарат. *Телефон аппараты.*

◆ **Телефон-автомат** — белгилүү баадагы монетаны (мис., эки тыйындык монетаны) салганда сүйлөшүүчүлөрдү байланыштыра турган, жалпы эл колдонуу үчүн коюлган телефон аппараты.

ТЕЛЕФОНДОШТУР *этиш.* Телефон тармактарын орноштуруу, телефон коюу.

ТЕЛЕФОНИСТ *зат.* Телефон менен сүйлөшүүнү тейлеп турган киши, телефон станциясынын кызматкери.

ТЕЛЕФОНИСТКА *зат.* Телефонист аял.

ТЕЛЕФОНОГРАММА *зат.* Телефон аркылуу берилген официалдуу кабардын тексти.

ТЕЛИ I *зат.* Бир жак капталына кыйшайтып салуучу жылкы оорусу. *Тели болгон жылкы. Телиден өлүп жатыптыр, Жылкычылар жыйылып, Аны союп жатыптыр* («Манас»).

ТЕЛИ II *этиш.* 1. Жаш төлдү башка энеге эмизүү, жалгоо. *Музоосу өлгөн уйга эчкинин улагын телип, саап жүрөбүз* (Мидин).

2. *өт.* Ыйгаруу, курулай жармаштыруу. *Өз баласын Токтобекке телий албай, Таты бир топ кыйналды* («Чалкан»).

ТЕЛИИП: тели-теңтуш — жолдош-жоро, курбу-курдаш. *Толпонбайды узатууга тели-теңтуштарынын бардыгы келишти* (Жантөшев).

ТЕЛКИ I *зат.* Эликтин ургаачысы. *Телкисин кууган куранбы* (Жантөшев).

ТЕЛКИ II *зат.* Белгилүү бир бүтүндүн, нерсенин айрым бөлүгү, үлүшү. *Алтыдан бир телки.*

ТЕЛМИР *этиш.* Бир нерсе күткөндөй, бир нерседен үмүт кылгандай жалоорун көпкө кароо; жалдырап туруп калуу. *Жамила Даниярдан көзүн албай телмирди* (Айтматов). *Кыз алыска телмире карады* (Сыдыкбеков).

ТЕЛМИРҮҮ телмир этишинин кыймыл атоочу.

ТЕЛОГРЕЙКА *зат.* Пахта салып шырылган кыска тыш кийим, шырымал. *Телогрейка кийген Эсенкул кирди* (Бейшеналиев).

ТЕЛПЕЙ *этиш.* 1. Сынынан кетүү, кебетеси жаман көрүнүү; жүдөө. *Кайда баратасың телпейип?* (Жантөшев).

2. Келишими, жарашыгы жок болуу (көбүнчө баш кийимге карата). *Башындагысы телпейген жаман тумак.*

ТЕЛПЕК *зат.* Тебетей, баш кийим. *Алайдан чыккан Мырза уул жигит, Кундуздан телпек кулпунта кийип* (Осмонов).

ТЕЛПЕКТЕ *этиш.* Сыны жок жүрүштурушта болуу; жөнү жок аракеттерди жасоо. *Телпектеп кайда барасың? Колдон келбеген соң, курулай телпектей бербесеңчи* («Чалкан»).

ТЕЛПЕКТЕТ телпекте этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕЛПЕКТӨӨ телпекте этишинин кыймыл атоочу.

ТЕЛПИЛДЕ телпекте менен бирдей.

ТЕЛЧИ *этиш.* Жаңыдан кадам шилтөө, басуу (жаш балага жана жаш төлгө карата). *Ак байталдын кулуну телчидиби?* (Мидин). *Бала телчип басып калды.*

ТЕЛЧИК телчи менен бирдей.

ТЕЛЧИТ телчи этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕМА *зат.* Ой жүргүзүүнүн, сүйлөшүүнүн, аңгеменин негизги мазмуну, предмети. *Илимий атеисттик темаларда лекциялар көп окулат* («Коммунист»).

ТЕМАТИКА *зат.* Темалардын жалпы жыйынтыгысы.

ТЕМГИЛ *зат.* Түрдүү түстөгү так, белги. *Темгил чаар. Темгил-темгил тактар. Чаргындын жаагында.. темгили бар* (Сыдыкбеков).

ТЕМЕНЕ *зат.* Кап, таар, кийиз жана башка калың материалдарды тигүү, көктөө үчүн колдонулуучу жоон жана узун ийне. *Темененин көзүнө шоона саптады* (Аалы).

ТЕМИН I *зат.* Тебелетип кырман бастырыш үчүн катар чиркештире тизилген жана кырмандын ортосундагы мамыга байланган өгүздөрдүн же жылкынын тобу.

ТЕМИН II *этиш.* 1. Минген унааны ылдамыраак бастыруу үчүн бут менен капталга ургулоо, ургулап басыгын тездетүү. *Каныбек темирип койгондо; кара кашка секирип кетти.* (Жантөшев).

2. *өт.* Алга умтулуу, ыкчамдап аракеттенүү. *Кашаң тартып кеттиңиз, Камчыланбай, теминбей* (Мидин).

ТЕМИНДИР темин менен бирдей.

ТЕМИНТ темин этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕМИҢҮҮ темин этишинин кыймыл атоочу.

ТЕМИР *зат.* 1. Балка менен согуп узанганда созула турган, чоюлгуч келген оор металл, химиялык элемент, чоюн менен болоттун негизги составдык бөлүгү. *Жыгачтын көркү мөмөдө, Темирдин көркү өгөөдө* (Токтогул).

2. Ушул металлдан жасалган ар кандай буюм-терим, курал.

ТЕМИРӨТКҮ *зат.* Денеге тегерете жайылып чыккан кычыштырма тери оорусу.

ТЕМИРЧИ *зат.* Темир уста.

ТЕМП *зат.* Иштн аткаруунун, бүтүрүүнүн, орундатуунун ылдамдыгы, тездиги. *Республикабыздын өнөр жайы ылдам темптер менен өсүүдө.*

ТЕМПЕЙ телтей менен бирдей.

ТЕМПЕРАТУРА *зат.* 1. Жылуулукту жана муздактыкты мүнөздөө даражасы. *Жылдын орточо температурасы. Күндүн температурасы.*

2. Ден соолукту билгизүүнүн көрсөткүчү болгон адамдын дене жылуулугу.

ТЕМСЕЛЕ *этиш.* 1. Таба албай, көрө албай карайлоо, курулай убараланууу; жол таба албай сыйпалап, ар нерсени кармалап басуу. *Эсер Чонтой темселеп, Эшигин таппай энтелеп* (Тоголок Молдо). *Караңгыда эчтеме таба албай темселей бердик.*

2. Чарчап-чаалыкканда, кыйналып жүдөгөндө, арып-ачканда темтеңдеп калуу, тентирөө, эптеп сүйрөлүп жүрүү. *Кечке чарчаган байкуш бала темселеп үйүнө араң кетти* («Ала-Тоо»). *Айрылып мал-жанынан темселеп, нечен карылар көчөдө калды* (Турусбеков).

ТЕМТЕЙ телпей менен бирдей.

ТЕМТЕҢДЕ *этиш.* Буту чалыштап, тамтаңдоо, түз баса албоо. *Кирип келди темтеңдеп, Башы айланган мас киши* (Аалы).

ТЕМТЕҢДЕТ темтеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕМТЕҢДӨӨ темтеңде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕНДЕНЦИЯ *зат.* Кандайдыр бир көз караштын, аракеттин багыты; бир нерсеге берилгендиктен, умтулгандыктан келип чыккан аракет. *Прогрессивдүү тенденциялар*

ТЕНДЕНЦИЯЛУУ *сын.* Бир жактуу, калыстыгы жок. *Тенденциялуу көз караштан болуу.*

ТЕННИС *зат.* Атайын жасалган досканын ортосуна эки тарапты бөлүү үчүн тартылган тордун үстүнөн кичинекей топту ракетка (калакча) менен ары-бери чаап ойной турган спорттук оюн. *Теннис оюну боюнча мелдеш.*

ТЕНОР *зат.* 1. Эркектин бийик үнү.

2. Ушундай үндүү обончу.

ТЕНТЕК *зат.* 1. Шок, бейбаш, тартипсиз, ээнбаш. *Тентек чокмор жыят* (макал).

2. Шайкелең; оюнкараак. *Тентек молдо—телмирген өгүз* (макал).

3. *өт.* Тынчыбаган, ойкуп-кайкыган, бууракандаган. *Тентек желдин эркине булуттар көчө баштады* (Осмонов). *Тентек дайра.*

ТЕНТЕКТЕН *этиш.* Тентектик кылуу, ээнбаштануу, бейбаш болуу. *Орусбек да анча тентектенген жок* (Сыдыкбеков).

ТЕНТЕКТИК *зат.* Шоктук, бейбаштык, тартипсиздик. *Жетимге тентектик жарашпайт* (Аалы).

ТЕНТИ *этиш.* Ар кандай себептер менен эл-жеринен азуу; эптеп күн көрүү үчүн эл аралап кетүү. *Сен кайда тентип жүрдүң?*

ТЕНТИМИШ *сын.* Эл-жеринен азган, селсаяк. *Тентимиш бала сенсиңби* (Аалы).

ТЕНТИРЕ тенти менен бирдей.

ТЕНТИТ тенти этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕНТҮҮ тенти этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢ *сын.* 1. Бирдей; барабар. *Кең жер— улуу, кичүүгө тең жер* (макал).

2. Бир бүтүндүн жартысы, жарымы. *Айдын теңи жарык, теңи караңгы. Үйдүн теңи сеники, теңи меники.*

3. Курдаш; жашташ. *Эзрчишип баскан жашымдан, Теңим аман барсыңбы* (Токтогул). *Көрөмбү деп жүрчү элем Бирге өскөн сендей теңимди* (Токтогул).

4. Эрди-катындын, күйөө-колуктунун бири. *Сабиранын бүткүл ою, санаасы жаштыктын мөмөсүн бирге таткан теңинде* (Сасыкбаев). *Кыз алган теңи.*

5. Баары, бүт. *Айтып турган төрт Мамыт, Төртөө тең керек жан экен* («Эр Төштүк»).

◆**Теңме-тең**—бипбирдей, бирдей өлчөмдө. **Эки тең** — унаанын эки жагына теңдеп артыла турган, теңделип артылгыдай (жүккө карата). *Эки тең отун алалык* (Калык). **Тең жарым** — бир нерсенин тең экиге бөлүнгөн жартысы. *Чаргын боорсоктун тең жармысын бөлө тиштеди* (Сыдыкбеков). **Тең орток** — бир нерсенин жарымына энчилеш, бир нерсеге ортоктош. *Кене, түлкү тең орток болуп буудай айдашты* (Мидин). **Тең ата** *к.* **ата 1. Тең туган** — туугандык, тек жагынан укугу бирдей, бири-бирине укугу тең. **Теңине албоо** — өзүн жогору саноо, бой көтөрүү, теңсинбөө. *Үч жыл ээрчип сенден мен калбадым, Терс бурулуп теңиңе сен албадың* (Абдыраманов).

ТЕҢГЕ *зат.* 1. Жыйырма тыйын (түштүк кыргыздарда).

2. Бир сомдук же элүү тыйындык монета.

3. Жалпы эле акча, пул маанисинде колдонулат. *Ыймам болуп теңге алган Молдосу бар дечү эле* (Токтогул).

◆**Теңге чөп** — тегерегирээк келген 3—4 жалбыракчасы чогулуп бир сабакка бириккен майда чөп. *Теңге чөп издеп талаада, Жарышып чуркап ойногон* (Мидин).

ТЕҢДЕ *этиш.* Бир нерсени өз ара барабар кылуу, барабарлоо, теңөө. *Ал капка ун теңдеди* (Жантөшев).

ТЕҢДЕЛ теңде этишинин туюк мамилеси.

ТЕҢДЕМЕ *зат. мат.* Бир же бир нече белгисизин таап, барабардап чыгаруучу алгебралык эсеп, туюнтма.

ТЕҢДЕН *этиш.* Бир нерсени эки жагына барабарлап артынуу. *Жеке таз бир жагына көмүр, экинчи жагына күл теңденип алган экен* («Ала-Тоо»).

ТЕҢДЕТ теңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕҢДЕШ I *зат.* Эрди-катындын бири, жары. *Атакем кошкон жолдошум, Энекем кошкон теңдешим* («Эр Табылды»).

ТЕҢДЕШ II *сын.* Бири-бирине барабар, тең келише алган. *Ага теңдеш киши болгон эмес.*

ТЕҢДЕШСИЗ *сын.* Өтө мыкты, сонун, артыкча, өзгөчө. *Менменсиген төрөлөрдү ызалантты Теңдешсиз жүрөктөгү акылдарың* (Маликов).

ТЕҢДИК *зат.* 1. Тең укуктуулук, эркиндик, боштондук. *Эзилип жүргөн элибиз, Теңдик алып жыргады* (Осмонкул).

2. Калыстык. *Теңдик керек да.*

ТЕҢДӨӨ теңде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢЕ *этиш.* 1. Тең кылуу, барабарлоо, экинчи бирөөнүн катарына теңдештирүү. *Ишиңди алдыңкыларга теңе.*

2. Тең келерлик деп кароо, теңдеше алат деп саноо. *Кылкылдаган көп элди Кырк кишиге тең деген Алжыганың эмеспи* (Курманбек»).

◆**Бучкагына теңебөө** *к.* **бучкак.**

ТЕҢЕЛ теңе этишинин туюк мамилеси.

ТЕҢЕШ *этиш.* Тең келишүү, теңеле алуу.

ТЕҢЕШТИР теңеш этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕҢЕШҮҮ теңеш этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢИЗ 1. *туурасы:* **деңиз.**

2. Көтөрүмдүү, калың. *Теңиз атам, көк жал шер, Телегейи тең экен* («Сейтек»).

ТЕҢИР *зат.* Кудай. *Тел күрөң оозун кергенбейм, Теңирим чындап бергенбейм* (Эшмамбет).

◆**Теңир урган** — кудай урган, кудайдын каргышы тийген. *Теңир урган Чонтойдун, Жоругу айбан малда жок* (Тоголок Молдо). **Теңир жалгасын** — бата бергенде, алкаганда айтылат. **Теңирден тескери** — таптакыр тескерисинче, башкача. *Турак жайдын эшигин теңирден тескери чыгарды* («Советтик Кыргызстан»).

ТЕҢИРЕЙ *этиш.* Мурдунун учу чолок болуп, теңирекей тартып көрүнүү. *Мурду теңирейген кара тору жигит* («Ала-Тоо»).

ТЕҢИРЕЙТ теңирей этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕҢИРЕҢКЕЙ *сын.* Мурду чолок, теңирейген. *Керез теңирекей мурдун шор тартты* (Бейшеналиев).

ТЕҢИРЕҢДЕ *этиш.* Мурду теңирекей тарткан, теңирейген көрүнүштө болуу; ушундай көрүнүштө болуп, ээ-жаа бербей сүйлөө. — *Теңиреңдеп сүйлөй бербе,— деди аялына Аман* («Ала-Тоо»).

ТЕҢӨӨ теңе этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢСЕЛ *этиш.* Ыргалуу, ары-бери бир калыпта жай кыймылдоо, чайпалуу. *Илгичке суу көтөргөн аял теңселип басып баратат* («Ала-Тоо»).

ТЕҢСЕЛТ теңсел этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕҢСЕЛҮҮ теңсел этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢСИЗ теңдешсиз менен бирдей.

ТЕҢСИЗДИК *зат.* Бирдей укуктун жоктугу; укуксуздук, адилетсиздик. *Калык жокчулукту, теңсиздикти, бай-манаптардын залим дигин ырдаган.*

ТЕҢСИН *этиш.* **Теңине алуу, башка бирөөнү өзү менен барабар сезүү, өйдөсүнбөө.** *Жигит өзүн менсинет, жигитти кимдер теңсинет.*

ТЕҢСИНҮҮ теңсин этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢТАЙЛАШ *этиш.* **Бири-бирине бой бербөө; бири-бирине барабар келүү (мис.,**

күч жагынан). *Теңтайлашып балбандар Аябай катуу күрөштү* («Манас»).

ТЕҢТАЙЛАШТЫР теңтайлаш этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕҢТАЙЛАШУУ теңтайлаш этишинин кыймыл атоочу.

ТЕҢТУШ *зат.* Бирге өскөн, бир жашташ курбу, тең курбу. *Карабек теңтуштары менен кетти* (Жантөшев).

ТЕҢЧИЛ *сын.* Баарын бирдей көргөн адилет, калыс.

ТЕҢЧИЛИК *зат.* Адилеттик, калыстык. *Теңчилик кыл.*

2. Тең укуктуулук. *Теңчилик доор чыккан да Териме батпай семирдим* (Токтогул).

ТЕҢШЕР *туурасы*: **текшер.**

ТЕОРЕМА *зат.* Математикада: далилдөөнү талап кылуучу жобо. *Пифагордун теоремасы. Теореманы аныктоо.*

ТЕОРЕТИК *зат.* Илимдин, искусствонун кандайдыр бир тармагынын теориялык маселелерин иштөөчү киши. *В. И. Ленин — Карл Маркстын ишин даанышман улантуучу, марксизмдин көрүнүктүү акылман теоретиги* («Коммунист»).

ТЕОРИЯ *зат.* 1. Практикалык тажрыйбаны жалпылоочу жана ойлоонун, коомдун, жаратылыштын закон ченемдүүлүгүн чагылдыруучу окуу, илимий принциптердин, идеялардын системасы. *Марксизмдин-ленинизмдин теориясы.*

2. Белгилүү бир илимдин бөлүмү же кандайдыр бир чеберчилик, устаттык жөнүндөгү эрежелердин жыйнагы. *Ыктымалдык теориясы. Шахмат оюнунун теориясы.*

ТЕОРИЯЧЫ теоретик менен бирдей.

ТЕП *этиш.* 1. Бут менен согуу, уруу. *Жети муштап, бир тепсе, Кала берем тура албай* (Токтогул). *Топ теп.*

2. Бир нерсенин үстү менен сыйгалактоо, илгерилеп жылуу, жүрүү; күүлөнүү. *Муз теп. Селкинчек теп. Чана теп.*

ТЕПЕЙ *этиш.* Көзгө токтомдуу болбой, кичинекей көрүнүү. *Эки тоонун арасында тепейген алачык бар.*

ТЕПЕЙТ тепей этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕПЕҢДЕ *этиш.* Тез-тез тепилдеп кыймылдоо, жүрүү (кичине кишиге, балага же ошондой башка жаныбарларга карата). *Чыканактай эр Сыргак, Бардыгына жол баштап, Астына түштү тепеңдеп* («Манас»).

ТЕПЕҢДЕТ тепеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕПЕҢДӨӨ тепеңде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕПИРЕЙ *этиш.* Жапыз келип, кичинекей көрүнүү, тепейүү. *Камыш жабылган тепирейген ак тамдар* (Касымбеков).

ТЕПКЕ *зат.* Комуздун кылдарын чертүүгө ылайыктап көтөрүү үчүн кылдардын алдына туурасынан коюлган кичинекей жыгач тээк. *Комуздун тепкеси арчадан жасалган.*

ТЕПКЕДЕЙ *сын.* Кипкичинекей. *Теңтуш элек экөөбүз Тепкедей кезден сырдашкан* (Токтогул).

ТЕПКЕК тепке менен бирдей.

ТЕПКИ *зат.* Тепкилеп урган сокку, сабоо, токмок. *Тепки менен чоңойдум, Темирдей бышып алтын баш* (Осмонкул).

ТЕПКИЛЕ *этиш.* Тепкиге алуу, токмоктоо. *Тетири карап койдуң деп Тепкилеп какбаш кармашты* (Калык).

ТЕПКИЛЕТ тепкиле этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕПКИЛЕШ петкиле этишинин кош мамилеси.

ТЕПКИЛӨӨ петкиле этишинин кыймыл атоочу.

ТЕПКИЧ *зат.* 1. Тээп чыгуу, өйдө көтөрүлүү же ылдый түшүү үчүн жасалган баскычтуу шаты.

2. Үйдүн жогорку кабатына чыгууга же түшүүгө ылайыкталып жасалган катар-катар баскычтар. *Студенттер тепкич менен жогору карай көтөрүлүп жатышты* (Бейшеналиев).

ТЕПЛИЦА *зат.* Кышында өсүмдүктөрдү өстүрүүгө ылайыкталган жылуу жай. *Заводдо гүл өстүрө турган теплица курулган* («Коммунист»).

ТЕПЛОВОЗ *зат.* Ичинен күйүү жолу менен аракетке келген кыймылдаткыч аркылуу жүрүүчү локомотив.

ТЕПЛОХОД *зат.* Ичинен күйүү жолу менен аракетке келген кыймылдаткыч аркылуу жүрүүчү чоң кеме.

ТЕПСЕ *этиш.* 1. Бир нерсенин үстүнөн басуу, аралап басып өтүү; таптоо. *Жердин чөбү узарбайт, Уйпалап күндө тепсесе* (Осмонкул).

2. Жок кылуу, талкалоо, жеңүү. *Жеримди баскан желдетти Жеринде тепсеп таштайбыз* (Бөкөнбаев).

3. Эзүү, кыйноо, кордук көрсөтүү. *Байлар кедейлерди тепсеген заман.*

ТЕПСЕЛ тепсе этишинин туюк мамилеси.

ТЕПСЕНДИ *зат.* 1. Көп басылып тепселген, тебеленген, тапталган жер. *Тепсендиге койбой, быякка алып койгулачы* («Ала-Тоо»).

2. Көпчүлүктүн, көп элдин же малдын тебелеп, тепсеп өтүүчү жолу. *Көк бөру тарткан кишилердин аттарынын тепсендисинде калган бала туралбады* (Жантөшев).

ТЕПСЕТ тепсе этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕПСЕШ тепсе этишинин кош мамилеси.

ТЕПСӨӨ тепсе этишинин кыймыл атоочу.

ТЕПСӨӨРҮН тепсенди менен бирдей.

ТЕПЧИ *этиш.* Ийне менен аттата тигүү, жамоо, жөрмөө. *Айша көйнөгүн тепчип алды* (Бейшеналиев).

ТЕПШИ *зат.* Жыгачтан оюп жасалган төрт бурчтуу идиш. *Жыгач тепшидеги арпа, сулулар төгүлүп, чачылып жатат* (Каимов). *Жума тепшини сырттан алып кирип, кир жууду* (Жантөшев).

ТЕР I *зат.* Теринин астындагы бездерден бөлүнүп чыгуучу суюктук. *Кеп көтөрбөй жакшы болбойт, тер көтөрбөй күлүк болбойт* (макал).

◆ **Таман акы, мандай тер** *к.* **таман I. Тер карышуу** — тердеп турганда суукка

урунуп ооруу (мис., баш ооруу, бүткөн бой курушуп ооруу). *Жакшы тердеп жат, кокус кечки желаргыда тер карышса жаман* (Жантөшев). **Жан тери келүү** — өтө кыйналып алка-шалка тердөө. *Анын көзү караңгыланып, эмне кыларын билбей жан тери келди* (Сасыкбаев).

ТЕР II *этиш.* 1. Чогултуу, жыйноо; иргеп алып таштоо. *Балдар машак терди. Жүргүлө ойноп келебиз, Байчечекей теребиз* (Үмөталиев). *Пахта терүү. Күрүчтүн ташын тер. Тезек тер.*

2. Жулуу, жулуп алып таштоо. *Сакал, мурут, чач койбой, Маңдайына каш койбой, Искек менен тергиле* («Курманбек»).

ТЕРАПЕВТ *зат.* Ички ооролар—терапия жагынан адистешкен врач.

ТЕРАПИЯ *зат.* Ички ооруларды операциясыз (хирургдарды катыштырбай) жолдор менен дарылай турган медициналык бөлүм жана анын дарылоо методдору.

ТЕРГЕ *этиш.* 1. Ден соолукка ж. б. байланыштуу тамакты тандап, мүнөздөп ичүү.

2. Эски салт боюнча күйөөсүнүн туугандарын (кээде күйөөсүн да) атынан айтпай, башка сөз менен алмаштырып атоо.

3. Ак, караны,күнөөлүү, күнөөсүздүктү акыйкаттап текшерүү, сураштыруу, билүү. *Катуу терген, сүттөн таза куткарды, Өкүмөттүн чындыгынан садага* (Аалы).

ТЕРГЕТ терге этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРГӨӨ терге этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРГӨӨЧҮ *зат.* Кылмыш иштерине байланыштуу тергөө, суракка алуу жумуштарын жүргүзүүчү кызматкер.

ТЕРДЕ *этиш.* 1. Тер чыгуу. *Сабира барабара ысып, тердеп, күн көтөрүлгөн кезде райондун борборуна жетти* (Сасыкбаев). *Үй жылуу. Тердеп ысылап жатып уктап калыптырмын* (Байтемиров).

2. *өт.* Буудан суу болуу, нымшуу; бетине суу пайда болуу (мис., терезеге).

ТЕРДЕТ терде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРДИК *зат.* 1. Ичмектин үстүнөн ээрдин астына салынуучу токум. *Булгаары тердик. Саймалуу тердик.*

2. *диал.* Ичмек.

ТЕРДИР тер этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРДӨӨ терде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРЕБЕЛ *зат.* Айлана-чөйрө, туш тарап. *Ашыр теребелди суктана карады* (Сасыкбаев). *Теребелде толкундун шырпылдаган үнүнөн башка тынчтыкты бузган эч кандай жандык жок* («Ала-Тоо»).

ТЕРЕЗЕ *зат.* Үйдү жарык кылуу, аба киргизүү үчүн дубалдын бооруна жасалган ачык жер жана аны жабуучу айнектелген рама. *Терезелери көчө жакты караган төрт бөлмөлүү там.*

ТЕРЕК *зат.* Тал түркүмүнө кирүүчү дарак. *Ак терек. Көк терек. Соккон желге теректин жалбыректары шуудурайт* («Ала-Тоо»).

ТЕРЕҢ *сын.* 1. Терендиги бир кыйла, көбүрөөк терендикте болгон, тайыз эмес. *Терең чуңкур. Терең деңиз. Поезддерди өткөрдү Түбү терең коолордон* («Казгыч акындар»).

2. Кенен, кеңири, көп. *Ала-Тоо, Ысык-Көлдүн сыры терең, Тереңден термелсе күү угар белең!..* (Турусбеков). *Садагасы, дагы терең билим ал!..* (Турусбеков). *Каныбек унчукпастан терең ойго кетти* (Жантөшев).

ТЕРЕҢДЕ *этиш.* 1. Терендиги артуу, улам терең боло берүү (мис., арык, чуңкур ж. б.); терең жагын көздөй утурлап баруу, тереңди көздөй жылуу. *Сууну улам тереңдеп кече берүү. Көл тереңдей берет. Табылгылуу коктулар тереңдеп,.. шибери жапырылат* (Сыдыкбеков).

2. Кеңүү, дагы терең боло берүү (мис., ой, маани, билим ж. б. карата) [*Каныбектин*] *ою уламдан-улам тереңдеп көздөрү жашылданды* (Жантөшев).

ТЕРЕҢДЕТ тереңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРЕҢДИК *зат.* 1. Чуңкурдун, коктунун, арыктын, көлдүн, деңиздин ж. б. үстүнкү кырынан түбүн карай кеткен эни, бийиктиги. *Имерилген кара суу, Тобурчак салса өйнобойт, Тереңдиги карандын Тогуз найза бойлобойт* («Манас»). *Тереңдиги миң кулач, Текшерип эрлер көзүңдү ач* («Манас»).

2. Кеңдик,кеңири, кең болгондук. *Ойдун тереңдиги. Маанинин тереңдиги.*

ТЕРЕҢДӨӨ тереңде этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРИ *зат.* Адамдын, айбандын денесин каптап турган тышкы катмары, кабыгы; союлган же өлгөн айбандын сыйрып алынган талпагы. *Миң сыйрылып, миң түштү Таманымдын териси* (Үмөталиев). *Шалбыратып теримди Этимди алды карылык* (Токтогул). *Койдун териси, уйдун териси. Аюунун териси.*

◆ **Териси тар** *к.* **тар. Кой терисин жамынган** — өзүнүн чыныгы жүзүн жашырган, көпчүлүктүн арасында коомго зыянкечтик кылып жүргөн. *Акыйкат так ошондой табат баарын, Жамынган кой терисин душмандарын* (Маликов). **Терисин сыйруу** — катуу жазалоо, сазайын колуна берүү. — *Коркпо, эжеке. Мунун колунан кутулбасак болбойт. Терибизди тирүүлөй сыйрат* (Бейшеналиев). **Териге алуу**— кээ бир узак ооруган адамды жаңыдан союлган малдын терисине ороп тердетүү, дарылоо. *Табылдыны жаткырып, Териге алып тердетип* («Эр Табылды»). **Баш терисин байкап көрүү** — кандай экенин, ким экенин, сапатын байкап билүү, жибин тартып көрүү.

ТЕРИГҮҮ терик этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРИК *этиш.* Жактырбай таарынуу, нааразы болуу. *Олдоксон айтылган орой сөзгө Саадат териге түштү* («Ала-Тоо»).

ТЕРИКТИР терик этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРИЛ тер этишинин туюк мамилеси.

ТЕРИМ *зат.* Жыйнап, терип алуу жу-

мушу. *Пахта терими. Терим мезгили башталган убак.*

ТЕРИМЧИ *зат.* Терүүчү, теримде иштөөчү, терип жыйноочу; терүү ишинин устаты. *Теримчи кыз Ак Зыйнат Терүүгө пахта ашыгат* (Үмөталиев). *Сезондо жыйырма тонна пахта терип, Даңктанган теримчи кыз Шарапаткан* (Абдыраманов).

ТЕРИЧИ *зат.* Тери даярдоочу.

ТЕРИШТИР *этиш.* Бирөөнүн же бир нерсенин ал-жайын, жөнүн салыштыруу, сурап көрүү. *Директор Турардын жөн-жайын териштирип сурады* (Каимов). *Дагы териштирип суроого мүмкүнчүлүк болбоду* (Жантөшев).

ТЕРИШТИРҮҮ териштир этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРМЕ *зат.* Дидактикалык, таалим-тарбиялык мааниде айтылуучу оозеки поэзиялык чыгарма. *Эл чогулса ырдаган Эшмамбеттин термеси* (Токтогул). *Мен, эмесе, жанакы Айтикенин термесинен баштайын* (Аалы).

ТЕРМЕЛ *этиш.* Аркы-терки чайпала жүрүү, чайпала кыймылдоо. *Термелип поезд жүрдү арыш салып* (Турусбеков).

ТЕРМЕЛЕ *этиш.* 1. Эптеп терүү, терип жыйнап алуу. *Кемпир чыныны сынбыгын жерден термелеп күбүрөп эшикти көздөй жөнөдү* (Сасыкбаев). *Чачылган жерден термелеп, Жармашып жүргөн дагы бар* («Манас»).

2. *өт.* Эбин таап, эптеп жан сактоо; эпчилдик менен иштөө, аракеттенүү. *Эр жигиттин белгиси Эпчил болот термелеп* (Токтогул). *Отуруп таң атканча сөздүн гүлүн, Термелеп, сени туурап жазар белем* (Аалы).

ТЕРМЕЛТ термел этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРМЕЛҮҮ термел этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРМЕТ *этиш.* 1. Термелүү абалына келтирүү, термелтүү, чайпалтуу. *Алдей айтып турарсың, Сен да уулуңду терметип* (Осмонов). *Жумшак гана жел согуп, Терметип турду* (Элебаев). *Замбирек, мина, пулемет Заңгырап жерди терметти* (Аалы).

2. *өт.* Адамды толкундатуу, делебесин козгоо, көңүлдү көтөрүү. *Бир терметип жаш жүрөктү Чалдым күүнү мен дагы* (Бөкөнбаев).

ТЕРМЕТТИР термет этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕРМЕТҮҮ термет этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРМЕЧИК *зат.* Терип алынган чамынды, майда чырпык, куурай отун. *Балдар термечик терди.*

ТЕРМИН *зат.* Илимдин, техниканын, искусствонун же айрым бир кесипчиликтин тармагындагы белгилүү түшүнүктүн аты болуп эсептелген сөз же сөз айкалышы.

ТЕРМИНОЛОГИЯ *зат.* Терминдердин жыйындысы, жалпы системасы. *Техникалык терминология. Коомдук илимдин терминологиясы.*

ТЕРМОМЕТР *зат.* Температураны өлчөөчү прибор, аспап.

ТЕРМОС *зат.* Ичине куюлган суюктуктун, заттын температурасын калыбындай сактап туруучу идиш. *Сергей үйүнөн ала келген термосундагы ысык чайдан стакандарга куюп, анын бирин Мусабекке сунду* (Абдумомунов).

ТЕРРАСА *зат.* Үйдүн эшигинин алдындагы түркүктүү ачык сере. *Айнектелген терраса.*

ТЕРРИТОРИЯ *зат.* Белгилүү чеги бар жер мейкиндиги, аймак. *Мамлекеттик территория. Колхоздун территориясы.*

ТЕРРОР *зат.* Саясий жактан каршылашкандарга карата колдонулуучу зордук, өлүмгө чейин жеткирген оор жаза. *Фашисттик террор.*

ТЕРС *сын.* Тескери, тетири, адаттан тышкары. *Ал кезде сен да терс карап Сындырдың далай шагымды* (Бөкөнбаев). — *Ай, аксакал, адаттан терс бул кандай? Жигит атын койгун дешип каткырат* (Осмонов).

◆**Терс аяк** *к.* **аяк 1.**

ТЕРҮҮ тер этишинин кыймыл атоочу.

ТЕРЧИЛ *сын.* Көп тердөөчү, тердегич. [*Шарип*] *терчил неме кысымга киргенде аябай боргулдады* (Бейшеналиев).

ТЕСКЕ *этиш.* Текшерүү, бир нерсенин анык-даныгына жетүү; башкаруу. *Эмне дедиң деп... сен мени тескейсиңби* («Ленинчил жаш»). *Мунун тегин тескеп сурабайт* («Ала-Тоо»).

ТЕСКЕЙ *зат.* Күнгөйдүн карама-каршы жагы, көлөкө жак. *Тескейдин күнү батпан жок, Теңтуштан мага айткан жок* (Тоголок Молдо).

◆**Маңдай-тескей** *к.* **маңдай.**

ТЕСКЕРИ *сын.* 1. Тетири, терс, туура эмес, оң эмес. *Эшиги тескери жагынан чыгарылган там. Тескери жол.*

2. Карама-каршы мүнөздө болгон, оң жагына жатпаган, оң мүнөздө болбогон. *Иштин тескери жагы. Тескери тип.*

◆**Тескери кароо** — жактырбоо, көңүлсүнбөө.

ТЕСКЕРИЛЕН *этиш.* Айткан сөзгө көнбөй, тил албай кежирленүү, иштин оң жагына баспоо, оң жыгылбоо.

ТЕСКЕРИЛЕНТ тескерилен этишинин аркылуу мамилеси.

ТЕСКЕРИЛЕНҮҮ тескерилен этишинин кыймыл атоочу.

ТЕСКЕРИЛЕТ *этиш.* Тескери буруу, тескери жагына айландыруу.

ТЕСКЕРИЛЕТҮҮ тескерилет этишинин кыймыл атоочу.

ТЕСКЕРИСИНЧЕ *такт.* Тетирисинче, мурдагыдан башкача, ага карама-каршы. *Кыял тескерисинче кетти* (Аалы). *Майда манаптар аны — Манастын акылман баатыры Кошой сыяктуу деп ардакташат. Карапайым көпчүлүк, анын тескерисинче, «чуу куйрук Кошой» — деп аташты* (Аалы). *Муну менен биз кандайдыр бир ийгиликке жетише албайбыз, тескерисинче, көп нерсени уттурабыз* («Советтик Кыргызстан»).

ТЕСКӨӨ теске этишинин кыймыл атоочу.

ТЕСКӨӨЧҮ *зат.* 1. Текшерүүчү.

2. Тартипке салуучу.

ТЕСПЕ *зат. дин.* Бирден сыдырып, окулган сүрөөлөрдү эсептеп туруу үчүн колдонулуучу жипке тизилген мончок. *Теспе тарт. Теспесин алып колуна, Тегеренип оңуна, Аракет кылып кеп айтат, Алдамчы сөздү көп айтат* (Тоголок Молдо).

ТЕСТЕ *зат.* Орулган эгиндин бир нече тутамынан бир жерге тегизделип коюлган майда чөк. *Орогумду тестенин үстүнө коё коюп атама карай чуркадым* («Жаш ленинчи»).

ТЕСТЕЛЕ *этиш.* Тесте-тесте кылып жыйноо, тесте кылуу.

ТЕСТЕЛЕН тестеле этишинин өздүк мамилеси.

ТЕСТЕЛӨӨ тестеле этишинин кыймыл атоочу.

ТЕСТИЕР *зат.* Кол арага жараган жаш өспүрүм. *Он үч-он төрт чамасындагы үч тестиер бала.. келатышты* (Бейшеналиев). *Тестиер тарткан бала.*

ТЕТЕ *сын.* Барабар, тендеш. *Мындай жерде ар бир өткөргөн минута жылга тете* («Ала-Тоо»). *Атаганат, бул Сыргак Манаска тете эр экен* («Манас»).

ТЕТИГИ *ат.* Белгилүү аралыкта, алыстыкта турганды көрсөтүү үчүн колдонулуучу шилтеме ат атооч. — *Ой, тетиги ким?* (Байтемиров). *Жаагын баспай безилдеп ырдаган Темирдин үнү тетиги чоң арчанын түбү тараптан угулат* (Жантөшев).

ТЕТИК *зат.* **1.** Машинанын же башка механизмдин бөлүгү. *Бир тетигин бураса: Жарк дей түшөт шаар бүтүн* (Үмөталиев). *Самолёттун миң тетигин биле алган, Учкуч болдум кесибин таап өнөрдүн* (Осмонкул).

2. *өт.* Бир нерсенин ички сыры, ар кандай жактары. *Турмуштун миң тетигин бирден бурап, Жүзүндө күрөш оту балкып турат* (Турусбеков). *Миң тетигин турмуштун, Менин көзүм көрсө экен* (Нуркамал).

◆**Көңүлү тетик** — шайыр, кабагым-кашым дебеген, кайгысы жок. *Бул өлкөнүн көңүлү тетик* (Жантөшев). *Тишим кетик болсо да, көңүлүм тетик.*

ТЕТИРИ *сын.* Тескери. *Оң айтса, тетири чалат. Тетири кетпей, оң жол менен жүр.*

ТЕТИРИСИНЧЕ *такт.* Тескерисинче. *Эми анын тетирисинче болуп турбайбы* (Байтемиров).

ТЕХНИК *зат.* **1.** Техникалык орто билимдүү адис. *Радио техник.*

2. Техника тармагында иштеген адам.

ТЕХНИКА *зат.* **1.** Коомдук өндүрүштө колдонулуучу куралдар менен эмгек каражаттарынын жыйындысы, ошондой эле адам баласынын аларды үйрөнүүгө, колдонууга жана жакшыртууга байланыштуу иштери. *Илим менен техниканын жаңы ийгиликтери.*

2. Кандайдыр бир ишке, иштеги устаттыкка байланыштуу профессионалдык ыкма. *Шахмат оюнунун техникасы. Күрөштүн техникасы.*

3. Машина, техникалык курал, техникалык түзүлүш. *Айыл чарбачылыгында колдонулган техника. Душмандын техникасын кыйратуу.*

ТЕХНИКАЛЫК *зат.* Техникага таандык. *Коммунизмдин материалдык-техникалык базасы. Техникалык жогорулаш. Техникалык билим деңгээли.*

◆**Техникалык өсүмдүктөр** — өнөр жайларында пайдаланылуучу өсүмдүктөр (мис., пахта, кызылча ж. б.).

ТЕХНИКУМ *зат.* Техникалык же жалпы эле атайын орто билим берүүчү профессионалдык окуу жайы. *Гидромелиоративдик техникум. Айыл чарба техникуму.*

ТЕХНОЛОГ *зат.* Өндүрүштүн белгилүү тармагынын технологиясы боюнча специалист, адис. *Инженер-технолог. Технолог-химик.*

ТЕХНОЛОГИЯ *зат.* Белгилүү бир өндүрүш тармагында материалдарды, буюмдарды иштетүү жолдорунун процесстеринин жы ысы; өндүрүштүн ушундай ыктары, ме дору жөнүндөгү билимдердин жыйындысы. *Синтетикалык каучуктун технологиясы. Кант өндүрүүнүн технологиясы.*

ТЕШ *этиш.* Учтуу нерсе менен көзөп, сайып, тешик чыгаруу, көзөнөк кылуу. *Кээ бирөөсү жүк жүктөп Мурдун тешкен өгүзгө* («Олжобай менен Кишимжан»). *Сунган найзаң жоонун тешип жүрбөгүн, Суворовдой калкка угулсун дүбүртүң* (Осмонкул).

◆**Теше тиктөө** — бирөөдөн же бир нерседен көзүн албай тикирее кароо, кадала тиктөө. *Ары да өттүм, бери да өттүм — Теше тиктеп ийменбей* (Үмөталиев).

ТЕШЕ *зат. эс.* Жер аянтынын 1,09 гектарга барабар келген чени. *Миңдеген теше жер кылымдан бери бош жатат* («Ала-Тоо»). *Герасим төрт теше жерин сатууга мажбур болду* (Сасыкбаев).

ТЕШИК *зат.* Тешилген, тешилип ачык болуп калган жер; көзөнөк; жыртык, оюк. *Чөнтөгүң тешиктир, ээ?* (Байтемиров). *Шыкаалап бирөө көрбөсүн, Бүтөтсүн дейт тешикти* («Мендирман»).

ТЕШИЛ теш этишинин туюк мамилеси.

ТЕШКИЧ *зат.* Жыгачты, темирди ж. б. көзөө, тешүү, үчүн колдонулуучу курал. *Устанын колунда кармаган тешкичи бар.*

ТЕШҮҮ теш этишинин кыймыл атоочу.

ТИБИРТКЕ *зат.* Тилдин үчүна бүдүрөйүп чыккан ысык. *Калп айтсаң тилиңе тибиртке чыгат дебедиң беле* (Бөкөнбаев).

ТИГИ *ат.* Жакын аралыктагыны, жердегини көрсөтүү үчүн колдонулуучу шилтеме ат атооч. *Мыскал тигилердин эч бирин тааный албады* (Сыдыкбеков). *Тиги отурган бала кимдики.*

◆**Тиги дүйнө** — диний-мистикалык түшүнүк боюнча: адам өлгөндөн кийинки экинчи дүйнө, өзүнүн түбөлүк жайы.

ТИГИЛ I тиги менен бирдей.

ТИГИЛ II тик этишинин туюк мамилеси.

◆**Тигиле кароо** — тикирейип, көзүн албай кароо. [*Каныбек*] *Алымга тигиле карады* (Жантөшев).

ТИГИЛҮҮ *сын.* Тигип коюлган; кирүүгө, адам жашоого даярдалган (боз үйгө карата).

ТИГИШ I *зат.* Кездеменин же башка материалдын бириктирип тигилген жери. [*Айымжан*] *тигишин тиштеп кынаптап.. мээлей тигип олтурган* (Сыдыкбеков). *Тигишинен сөгүлүп кеткен таар бешмантын.. сыртынан бүрө курчанып алыптыр* (Убукеев).

ТИГИШ II тик этишинин кош мамилеси.

ТИГҮҮ тик этишинин кыймыл атоочу.

ТИГҮҮЧҮ *зат.* Тигүү жумушун аткаруучу адам, кийим тиккич. *Кийим тигүүчү.*

ТИЕШЕ *зат.* 1. Тийиштүүлүк, тийиши, катышы барлык. *Силердин эмне тиешеңер бар менде?* (Сыдыкбеков). *Менин Шарапатка эч кандай тиешем жок деди Бекжан* (Абдукаримов).

2. Бирөөгө тиешелүү үлүш, энчи. *Бул жерден алып барган акчаны жүгүртүп, көп пул кылды. Албетте мен да өз тиешемди алдым* («Ала-Тоо»).

ТИЕШЕЛҮҮ *сын.* Тиешеси бар, таандык.

ТИЗ *этиш.* 1. Катарлаштырып, кыркакырка кылып коюу, тизмектөө. *Кара кыяк калың чыккан башатка Желе тартып тизип кулун байлашкан* (Осмонкул). *Тамеки тиз. Оозундагы отуз тиш, Берметтен тизип таккандай* («Мендирман»). *Балдарды катарга тизип тургузуу.*

2. Тизмеге каттоо, ирети менен тизмелеп жазуу. *Мелдешке катышуучуларды тизмеге тизип жазуу.*

ТИЗГИН *зат.* 1. Эки учу жүгөндүн төңөлдүрүгүнө байланып, минилген унаанын башын буруу, багыттоо же токтотуу үчүн колдонулуучу кайыш боо. *Колума оңдой кармап укурукту, Тизгинди жыя кармап, чукул жеттим* (Осмонкул). *Барпы, тизгинди жыя карма* (Байтемиров). . 2. *өт.* Бийлик, башкаруу укугу. *Кеңештен Чубак калганы, Алмамбет тизгин алганы* («Манас»).

3. *өт.* Кыргыздын кустардык токуу станогунун (өрмөктүн) бир бөлүгү.

ТИЗГИНДЕ *этиш.* Тизгинден алуу, тизгинден кармап токтотуу же жетелөө. *Мамбеткул жулкунганда кишилер анын атын тизгиндеп, токтотуп калышты* (Каимов). *Күмүш Күлжандын атын тизгиндеди* (Байтемиров).

ТИЗГИНДӨӨ тизгинде этишинин кыймыл атоочу.

ТИЗГИЧ *зат.* Боз үйдүн ууктарын өз ара тизип байлоого колдонулуучу түр салып согулган ичке тасма. *Тегирич, жабык баш, тизгичтердин түрдүү оймо кыялдарын сүрөттөп болбойт* (Аалы).

ТИЗЕ *зат.* Шыйракты сан жилик менен бириктирип турган муун, анын үстүндөгү томук сөөк. *Ачкыл Токтогулдун тизесине жаба төгүлдү* (Аалы). *Эңкейишке жүгүрүп, Эки тизем ооруттум* (Осмонкул).

ТИЗЕЛЕ *этиш.* Бутту тизеден бүгүп, тизеси менен басуу, ныгыруу. *Кандайдыр бир чоочун киши тизелеп, бактардын түбүн чукулап отурат* (Баялинов). [*Кайыр*] *тизелей түшүп кырынан кетти* (Аалы).

◆**Сыңар тизелөө** — бир бутунун тизесин бүгүп, экинчи бутунун тизесин жерге таяп отуруу. [*Чоко*] *Ажардын жанына сыңар тизелеп отурду* (Жантөшев).

ТИЗЕЛЕТ тизеле этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЗЕЛӨӨ тизеле этишинин кыймыл атоочу.

ТИЗИЛ тиз этишинин туюк мамилеси.

ТИЗИМ тизмек менен бирдей.

ТИЗМЕ *зат.* Айрым маалыматтарды, фактыларды, нерселерди же адамдардын фамилияларын, аты-жөнүн ж.б. ирети менен кагазга тизмелеген каттоо, жазуу; ушундай мүнөздө даярдалган документ. *Эгер Суусамырга кыштоочуларды каттасаңар, мени тизменин башына жазгыла* (Байтемиров). *Илимий эмгектердин тизмеси. Шайлоочулардын тизмеси.*

ТИЗМЕК *зат.* Тизилген тизмектелген катар сан. *Сүйлөм тизмеги. Сөз тизмеги. Тизмеги менен ырларды Айткан сонун турбайбы* (Барпы). *Тамекинин тизмеги.*

ТИЗМЕКТЕ *этиш.* Тизмекке салуу, тизүү; тизмеги менен айтуу. *Даша... кендеги кемчиликтердин бардыгын баштан аяк тизмектеди* (Сасыкбаев). *Ондогон акындарды тизмектеп айтып өтөт* («Кыргыздын эл акындары»).

ТИЗМЕКТЕЛ тизмекте этишинин туюк мамилеси.

ТИЗМЕКТЕТ тизмекте этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЗМЕКТӨӨ тизмекте этишинин кыймыл атоочу.

ТИЗМЕЛЕ *этиш.* Тизмеге тизүү, тизмеге түшүрүү. [*Начальникке*] *кире турган кишилерди эң мурун тизмелеп, ким экендигин, кайдан жана кандай жумуш менен келгендигин жазып алам* (Каимов). *Керектүү фактыларды ирети менен тизмелеп, кагазга түшүрүп чыгуу.*

ТИЗМЕЛЕН тизмеле этишинин өздүк мамилеси.

ТИЗМЕЛЕТ тизмеле этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЗМЕЛӨӨ тизмеле этишинин кыймыл атоочу.

ТИЗҮҮ тиз этишинин кыймыл атоочу.

ТИЙ *этиш.* 1. Урунуу, урулуу, кагылуу. *Таш тийди. Таяк тийди. Мөндүр тийди. Кайза тийди.*

2. Тийгизүү; козгоо. *Ойгонуп кетпесин деп, балага тийгенибиз жок* («Ала-Тоо»). *Тийип койсо эле төгүлүп калчудай толтура куюлуптур* («Ала-Тоо»). *Таягың менен тийип койсоң эле жыгылып кетчүдөй болуп араң турат* («Ала-Тоо»).

3. Катылуу, тийишүү. *Балдарга тийбей жүр дебедим беле* («Жаш ленинчи»). *Алың жетпесе тийбей эле койбойсуңбу?*

4. Жетүү, карамагына өтүү, колуна берилүү, тиешелүү болуу. *Укук тийди. Кезек тийди. Эмгек акысына көп акча тийди. Газета өз убагында тиет. Досум!*

Жазган катың көп кечигип тийди (Осмоналиев).

5. Күйөөгө чыгуу, бирөөгө жар болуу. *Башкага тийип кетиптир Башында сүйүп алганым* (Токтогул). *Эрге тий. Күйөөгө тий.*

6. Кол салуу, тиш салуу, качырып кирүү. *Жоо тийди. Түн жарымы болгондо кой короого карышкыр тийди* (Борбугулов). *Көлдө жаткан көп өрдөк Ылачын тийсе бөлүнбөйт* (Тоголок Молдо). *Сени торпок деген балдарга кыргыйдай тий* (Сыдыкбеков).

7. Күчкө салып бөлүп кетүү, айдап алып кетүү. *Жетимиштен ашуун жылкы тийип келди* (Осмоналиев).

8. Чагуу, чагып алуу. *Сайгак тийди. Кара курт тийди.*

9. Ооруга чалдыгуу, ооруп калуу. *Оору тийди. Сасык тумоо тийди.*

10. Учуроо, жолугуу. *Жолдо баратып таякемдикине тие кетели* («Ала-Тоо»).

11. Козутуу, козгоо, кыжыры, ачуусу, жини келүүгө себеп болуу. *Тийдиң ээ, Чүрөк, жиниме* («Семетей»). *Ачуусуна тийбе. Нервине тийбе.*

12. Кабылтуу, пайдасын, зыянын, кесепетин ж. б. тийгизүү, ушундай шартка учуратуу. *Башынан дыйкан ийгеним Пайдасы журтка тийгеним* (Тоголок Молдо). *Каарына алса кокустан Тийбесин бизге залалы* («Мендирман»). *Балким, керегим тиер* (Сыдыкбеков).

13. Жарык түшүү, айдын, күндүн нуру чачыроо, төгүлүү. *Ай тийди. Күн тийди. Жарык тийди.*

14. Жалап же башын салып кетүү (иттин, мышыктын сүткө же башка тамак-ашка тийип кетиши жөнүндө).

15. Жадатуу; эстен кеткис, унутулгус абалга келтирүү, кыйноо. *Жокчулук жүрөккө тийген азаптуу күндөн кутулдук. Көкөйгө тийди. Жанга тийди.*

◆ **Ооз тийүү** *к.* **ооз. Тили тийүү** — кагуу, урушуу, тилдөө. *Менин дагы тим жүрбөй, Адылга тилим тийди эле!* («Мендирман»). **Чолосу тийүү** —убактысы болуу, бошоо, бош абалда болуу. **Тумшугу менен бир тийүү** *к.* **тумшук.**

ТИЙГИЗ тий этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЙИНДИ *зат. мат.* Белгилүү бир санды экинчи бир санга бөлгөндө чыккан жыйынтык, бөлүк.

ТИЙИШ I *мод.* Божомолдоо же аткаруугa, иштөөгө милдеттүү болгон абалды билги зүү үчүн колдонулат. *Дал ушул үй болууга тийиш* («Советтик Кыргызстан»). *Агитатор көптү билүүгө тийиш* («Коммунист»).

ТИЙИШ II *этиш.* 1. Бири-бирине тийүү, тийген, жанашкан абалда болуу. *Стулдар бири-бирине тийишип турат.*

2. *өт.*. Бирөөгө кычаштык сөз айтуу, тийиштик кылуу, сөзгө чакырып, таанышууга, жакындашууга аракет кылуу. *Катарындагы жигиттерге тийишкенин койбойт* (Сыдыкбеков). *Тийиштим кымтый качып кол жоолугун, Ашыктым сөз айтууга элден мурун* (Үмөталиев).

ТИЙИШТИК: тийиштик кылуу — кычаштык кылуу, эптеп бир чатак, сөз чыгарууга аракеттенип тийишүү; таанышууга, жакындашууга аракет кылуу. *Кычан алдын ала озунуп тийиштик кылды* (Бейшеналиев). *Тийиштик кылып сөзүмө, «Томаяк» деп сындадың* (Токтогул).

ТИЙИШТИР тийиш этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЙИШТҮҮ *сын.* 1. Таандык, ылайыкталган, тиешелүү. *Бул бизге тийиштүү жай го* (Сыдыкбеков).

2. Ылайыктуу, тиешелүү. *Пленум талкууланган маселе боюнча бир добуштан тийиштүү чечим кабыл алды* («Советтик Кыргызстан»).

ТИЙИШҮҮ тийиш этишинин кыймыл атоочу.

ТИЙҮҮ тий этишинин кыймыл атоо чу.

ТИК I *зат.* Кендирден же пахтадан согулган тыгыз кездеме. *Тик тыштаган матрас.*

ТИК II *сын.* Кыйшайбаган, тике, түз турган абал, жантайбаган, кыйшайбаган, түз, вертикалдуу абал. *Отурбай тик туруу. Тик тура калуу. Зоодон тик секирген. Тик ылдый. Тик өйдө.*

◆ **Тик салуу** — бир нерсени көздөй түз бет алуу, жүрүү, жөнөө. *Сары жондон түлкү көрдү, тик салды, Шаштай туруп оң колуна бирди алды* (Осмонов). **Тик багуу** — тайманбастан түз кароо, жалтанбастан тике кароо. *Тик багып найза саярда, Жумба, балдар, көзүңдү!* (Жантөшев). *Тик багып келген душмандар Калганы жок жеңилбей* (Барпы). **Аягы менен тик туруу** *к.* **аяк I. Тикеси менен тик туруу**—отурбай, дем албай тынымсыз иштөө. [*Шахтёрлордун*] *көпчулүгү тикелеринен тик турушту* (Сасыкбаев). **Тик жака** — моюнга ороло топчулануучу бийик жака. [*Сабырга*] *тик жака кители кынап койгондой жарашыктуу* (Сасыкбаев).

ТИК III *этиш.* 1. Кийим же башка нерселерди даярдоо үчүн кездемеге же башка материалдарга тигиш түшүрүү, кийимди же башка нерселерди тигилген, даярдалган абалга жеткирүү. *Юдина жетекчилик кылган бригада балдардын көйнөгүн тигет* («Советтик Кыргызстан»). *Өтүк тик. Баштык тик.*

2. Боз үйдү, чатырды көтөрүү, орнотуу, куруу. *Жайкы күн... эрке Ысык-Көл толкуп жатыр, Боюна пионерлер тиккен чатыр* (Маликов). *Тигип отурган боз үйүңүздүн өндүрүш комбинатынан сатып алгандагы баасы канча?* («Чалкан»).

3. Көчөт отургузуу, уругун, тукумун жерге көмүү (мис., картошканын, ашкабактын, дарбыздын). *Өзөндөп тиккен даректар, Баары тегиз бүр байлап* (Турусбеков). *Дарбыз тиккен участок.*

ТИКЕ *сын.* Тигинен, тик, түз, вертикалдуу, таамай. *Тикесинен тургузуу. Тике айтуу.*

◆ **Тике кароо** — жалтанбай, тайсалда

бай түз кароо, коркпоо. *Динар чоң энеге тике карады* (Сыдыкбеков). *Кызыл аскерлердин сүрүнө тике карай алышпай, басмачылар калтырап жер карашты* (Жантөшев).

ТИКЕН *зат.* Айрым өсүмдүктөрдүн учтуу, денеге сайылып калма тикенеги жана ушундай тикенектүү өсүмдүк. *Шорголоп кызыл шүйшүн бутум тилик! Балтайып, ириңдеген тикен кирип* (Бөкөнбаев). *Кош кайың бактын ортосун жарып, Көк тикен өстү жашарбай карып* (Осмонов).

ТИКЕНДҮҮ *сын.* Тикени бар, тикени көп. *Уйлар калың өскөн тикендүү чогойно, куурайларды аралашты* (Бейшеналиев).

ТИКЕНЕК тикен менен бирдей.

ТИКИЙ *этиш.* Тигилип, көз айырбоо, көз ирмебей кароо, тикирейип кадала кароо. *Андрей Сонянын көзүнө тикие карады* (Сасыкбаев). *Болбосо, тикийип карап турган киши дардайып кирген уурун кантип көрбөй калсын* (Байтемиров).

ТИКИЙТ тикий этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКИЙҮҮ тикий этишинин кыймыл атоочу.

ТИКИЛДЕ *этиш.* Шамдагай, чыйрак, тың аракеттенүү; тыкылдап так сүйлөө. *—Ооба, тикилдеп муну көр!* (Бейшеналиев).

ТИКИЛДЕТ тикилде этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКИЛДӨӨ тикилде этишинин кыймыл атоочу.

ТИКИРЕЙ *этиш.* Көз ирмебей кадала кароо, тикийүү. *Динар китептин бетине тикирейип карап калды* (Сыдыкбеков).

ТИКИРЕЙТ тикирей этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКИРЕЙҮҮ тикирей этишинин кыймыл атоочу.

ТИКИРЕҢДЕ *этиш.* Көзүн тикирейтип ызырынуу, ачууланууу.

ТИКМЕЧИ *зат.* Кийим тигүүчү. *Мен чоңойгондо бычмачы болом, тикмечи болом* («Жаш ленинчи»). *Энеси тикмечиге кетмек болгондо.. Гүлнар энесинин мойнуна асыла кеткен* (Сыдыкбеков).

ТИКТЕ *этиш.* Бирөөну же бир нерсени кадала кароо, көз ирмебей карап калуу. *Колхозчулар Мамбеткулду жаңы көргөнсүшүп, жабыла тиктеп калышты* (Каимов). [*Татыбек*] *көзүн алайта тиктеп койду* (Байтемиров).

ТИКТЕТ тиктө этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКТЕШ тикте этишинин кош мамилеси.

ТИКТИР тик этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКТӨӨ тикте этишинин кыймыл атоочу.

ТИКЧИГИЙ *сын.* Тикчийген, тикчийип турган.

ТИКЧИЙ *этиш.* Тик туруу, жапырылбай тигинен туруу. *Эки кулагы тең тикчийген чоң көк дөбөт* (Сыдыкбеков). *Кара кер быштынын.. камыш кулагы тикчийип, көзү балбылдап кеткен* (Сасыкбаев).

ТИКЧИЙТ тикчий этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКЧИЙҮҮ тикчий этишинин кыймыл атоочу.

ТИКЧИҢДЕ *этиш.* Көзүн чекчейтип тыкчың-тыкчың этүү, тикилдөө. *Кемпирдин баары бүкчүңдөп, Келиндин баары тикчиңдеп* («Эр Табылды»).

ТИКЧИҢДЕТ тикчиңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТИКЧИҢДӨӨ тикчиңде этишинин кыймыл атоочу.

ТИЛ I *зат.* 1. Омурткалуу айбандардын жана адамдардын оозунун ичиндеги тамакты чайнап жутууга жардам берүүчү, анын даамын аныктоочу, ал эми адамдарда, андан тышкары, табыш чыгарууга катышуучу орган. *Жылдызкандын эриндери кеберсип, тили оозуна батпай суусап жатат* (Байтемиров). *Тишиң түшүп, тил калган,Эби келбейт сүйлөөгө* (Токтогул).

2. Сүйлөөгө, өзүнүн оюн айтып түшүндүрүүгө болгон жөндөмдүүлүк, речь. *Кузьма Иванов тилге келбей жатып.. үзүлдү* (Сасыкбаев). *Оолуктуруп адамды, Чечен кылган тил болот* (Тоголок Молдо).

3. Коомдо байланыш-катыш жасоонун, пикир алышуунун куралы болгон тыбыштык жана лексико-грамматикалык каражаттардын системасы. *Кыргыз тили. Орус тили. Өлүү тилдер.*

4. Жазуучунун, ар кандай чыгарманын, илимий эмгектердин, публицистиканын ж. б. түрлүүчө белгилер менен мүнөздөлүүчү, өз ара айырмалануучу стили, речь. *Газетанын тили. Адабий чыгарманын тили. Поэзиянын тили. Оозеки тил. Адабий тил.*

5. *сог.* Керектүү маалымат алууга мүмкүн болгон туткун. «*Тилди*» *алып келген Жапар болду* (Баялинов). *Арасын тосуп алалы, чором,* «*Тилди*» *кармап алалы,чором!* («Манас»).

6. Сөгүү, сөгүп тилдеп айтылган сөз. *Тил үгуп каалык. Бекер тил укпайлы.* ◆ **Тили буудай кууруу** *к.* **буудай. Тили күрмөөгө келбөө** *к.* **күрмө II. Тилсиз жоо** — ар кандай табигый кырсыктар. *Телмиртип мени сүйрөгөн, Тилсиз жоо сага баркым жок!* («Семетей»). **Бал тилин салуу** — алдоо, тили менен жыргатуу, көңүлүн көтөрүү. *Бал тилимди салайын, Баарыңарды үрдурбай, Аман алып калайын* («Эр Табылды»). **Тил кат** *к.* **кат I. Тили буулуу** — сүйлөй албай калуу, тили байланыу. *Көпкө чейин тилим буулуп калды.* **Тил эмизүү** *к.* **эмиз. Тили тешилүү** — айтып-айтып чаршоо. *Мурда айта берип тили тешилген* (Байтемиров). **Тили байлануу** — сүйлөй албай калуу, тили буулуу. *Сенин тилиң эмне үчүн байланып калды* (Каимов). **Тил алдына катуу** — сары майдай сактоо, бек катуу, бек катып жүрүү. *Падыша үчүн жыйнадык Кап менен жип, арканды, Аз күндө дагы беребиз Тил алдына катканды* (Жантөшев). **Тилиңе тишиң күбө** — «сөзүңө бекем тур», «сөзүңө бек бол» деген мааниде колдонулат. **Тилин тартпоо** — тайманбастан, коркпостон каяша айтып туруу. *Ушинтип кымындай сыр айтканы жок, Жазганып тилин такыр тарткан жок* (Турусбеков). **Тилден калуу** — көбүнчө ка-

туу ооруп сүйлөбөй калуу. *Батма тилден калды* (Баялинов). *Каныбек үч күнү тилден калып жатты* (Жантөшев). **Тилге келүү** — 1) бир нерсеге макул болуу, көнүү; 2) сүйлөөгө, бирдеме айтууга жароо (тилден калган, бирок кайра оңолуп, сүйлөй баштаган кишиге карата). *Сатылган үйүнө келгенден кийин, алтынчы күндө араң тилге келди* (Аалы). **Тил кыска** *к.* **кыска. Бөрү тил** — уч жагы ичке келип, формасы бөрүнүн тилине окшош болгон найзанын учу. *Бөрү тил болот сыр найза Бөйрөгүнөн сундуруп* («Олжобай менен Кишимжан»). *Учу болот бөрү тил, Найзанын жайын эми бил* («Эр Табылды»). **Куш тилиндей** — 1) кичинекей, кичине тилке формасында; 2) кыска, кыскача (бир-эки ооз сөздөн турган кабар, кат ж. б. карата).

ТИЛ II *этиш.* Узун, кууш тилке кылып кесүү; тилик кылуу, тилик кылып кесүү. *Тактай тил. Көк тил. Кайыш тил. Терең салып, тилип жерди тасмадай, Тегиз сээп, бермет данын жайнаткан* (Осмонкул). *Апийим тил.*

ТИЛАЗАР *сын.* Тил албаган, өз билгенин бербеген, кежир. — *О, бери бас! А тилазар,—а!* (Касымбеков).

ТИЛГИЧ *зат.* Апийимдин башын тилүүчү бычак.

ТИЛДЕ *этиш.* Жемелөө, урушуу, сөгүү, тил тийгизүү. *Улууга жаман айтпаган, Кичүүнү тилдеп какпаган, Биздин, биздин башкарма* (Осмонов). *Жеңи жок жалаң чепкен кийген күнүм, Байбиче кошо тилдеп, күйгөн күнүм* (Барпы)

ТИЛДЕТ тилде этишинин аркылуу милеси.

ТИЛДИР тил этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЛДӨӨ тилде этишинин кыймыл атоочу.

ТИЛДҮҮ *сын.* Чечен, сөзгө уста; тажаал, каяшачыл, сүйлөөк. *Чебер тилдүү чечендердей сыягың* (Калык). *Айта берип, дей берип, өзүм да тилдүү болуп кете турган болдум* (Убукеев).

ТИЛЕ *этиш.* 1. Каалоо, тилек кылуу. *Атаңдай баккан алдейлеп, Аманын тилеп Лениндин!..* (Токтогул). *Агасы мен, уулу мен, Аманын тилейт жанымын* (Үмөталиев).

2. Суроо, сурануу. *Кайыр тиле.*

ТИЛЕК *зат.* Каалоо, өтүнүч, максат. *Тилегиңе жет. Жакшы тилек ар кимде бар* (Каимов). *Сага окшоп билсем деген тилек менде, Деп Бакең чай чынысын коёт жерге!* (Осмонов).

ТИЛЕКТЕШ *сын.* Тилеги бирге, бир максатташ. *Сиз партияга мүчө болбогон менен, ага тилектеш адамсыз* (Убукеев). *Ага менен инидей Бир тилектеш элибиз* (Барпы). *Каптаган душман ала албайт, Тилектеш болсо миң адам* (Токтогул).

ТИЛЕКТЕШТИК *зат.* Бир тилектүүлүк, максатташтык. *Аялдардын эл аралык күнүн майрамдоо бүткүл дүйнөнүн аялдарынын тилектештигин дагы ого бетер чыңдайт. Бул — тилектештик, курбулук ысык мамиле* (Каимов).

ТИЛЕКТҮҮ *сын.* Белгилүү бир максатты көздөгөн, тилеги бар. *Токтогул.. тилектүү, ойлуу, прогрессивдүү акын* (Бөкөнбаев). *Бул кандай деп сурасаң, Касиеттүү колхозум Жамандыкты жолотпойт, — Ак тилектүү жолдошум* (Осмонов).

ТИЛЕМЧИ *зат.* Кайырчы, думана. *Тепейген тилемчи кемпир келе жатат* (Турусбеков).

ТИЛЕН *этиш.* тиле этишинин өздүк мамилеси.

ТИЛЕНЧИ тилемчи менен бирдей.

ТИЛЕТ тиле этишинин аркылуу мамилеси.

ТИЛИК *зат.* 1. Тилинген, шала кесилген кесик. *Бирөөнүн кийгени этеги тилик кызыл чепкен* (Жантөшев). *Боз шинель, тилик калпак, бийик өтүк, Көздөрү күйүп турат балбал жайнап* (Токобаев).

2. Малдын кулагына салынган шала тиликтүү эн.

ТИЛИМ *зат.* Бир нерседен узата кесип, тилип алынган бөлүк. *Бир тилим дарбыз, коон.*

ТИЛИН тил этишинин өздүк мамилеси.

ТИЛИШ тил этишинин кош мамилеси.

ТИЛКЕ *зат.* 1. Узата, кууш келген бөлүк, нерсе. *Тилке кагаз. Тилке-тилке кесилген кийиз.*

2. Ушундай формада болгон (кууш, узата келген) жер аянты. *Майда-майда тилке беде, жашыл жер, Урап жаткан кербен сарай жок болгон* (Аалы). *Нарындын жээгин каптаган токойлуу тилкени өрдөдү* (Бейшеналиев).

ТИЛЛА дилде менен бирдей.

ТИЛМЕ *зат.* Дененин чыңалып шишип кетме жана элдик медицинада тилүү жолу менен эмдей турган оорусу.

ТИЛМЕЧ *зат.* Котормочу, бир тилден экинчи тилге которуп берүүчү адам.

ТИЛӨӨ тиле этишинин кыймыл атоочу.

ТИЛСИМ *зат.* Сыйкырдуу дуба. *Жан жеткис тилсимдеги мүрөк болсом, Эсепсиз узун өмүр берер элем* (Аалы). *Чек арага чеп кылып, Тилсим койгон жери бар* («Семетей»).

ТИЛҮҮ тил этишинин кыймыл атоочу.

ТИЛЧИ *зат.* Тил илими боюнча специалист.

ТИМ *такт.* Тынч, жөн; добушсуз, жымжырт. *Сүйлөп-сүйлөп чарчагандан кийин, өздөрү эле тим болушту* (Абдукаримов). *Көл да көшүп тим жатат Көптөн сени күткөндөй* (Бөкөнбаев).

◆ **Тим эле** — 1) бекер, эч себепсиз, максатсыз. *Тим эле келдим. Тим эле жүрө беребизби? Тим эле сөз ирети келгенде айтып койду* (Байтемиров); 2) күчөтүү маанисинде колдонулат. *Жердин сырын билген карылар бул жерге эгин тим эле оңколоп калат дешти* (Байтемиров). *Тим эле спирт болуп калыптыр* (Байтемиров).

ТИНТ *этиш.* **Бир нерсе издеп ачтаруу, кароо, оодаруу.** — *Менде эчтеке жок. Ишенбесеңер тинтип таап алгыла,— деп, Болот миңбашы.. жооп берди* (Абдукаримов).

ТИНТЕ *зат. эс.* Шамшар, канжар бычак. *Аябай ууга сугарган, Ак тинте болчу боюнда* (Маликов). *Алтымыш кой, кырк тайга, Сатып алган ак тинте Кындан сууруп аламын* («Манас»).

ТИНТТИР тинт этишинин аркылуу мамилеси.

ТИНТҮҮ тинт этишинин кыймыл атоочу.

ТИНТҮҮЧҮ *зат.* Бир нерсе издеп аңтаруучу, тинтип оодаруучу, кароочу.

ТИП *зат.* 1. Предметтердин, кубулуштардын белгилүү тобуна туура келген үлгү, модель же форманын бир түрү. *Жаңы типтеги партия. Айыл чарба машиналарынын жаңы типи.*

2. *ад.* Адамдардын айрым-айрым тобуна мүнөздүү болгон белгилерди жалпылап көрсөтүүчү көркөм образ. *Адабий чыгармаларда көрсөтүлгөн күжүрмөн эмгекчилердин, партиялык жетекчилердин жаңы типтери.*

ТИПОГРАФИЯ басмакана менен бирдей.

ТИПТЕШ *син.* Бир типтеги.

ТИПТЕШТИК *зат.* Бир типтүүлүк, бир типте болгондук.

ТИПТЕШТИР *этиш.* Кандайдыр бир типке киргизүү, белгилүү бир типке ыйгаруу.

ТИПТЕШТИРҮҮ типтештир этишинин кыймыл атоочу.

ТИПТИК типтүүлүк менен бирдей.

ТИПТҮҮ *сын.* Белгилүү бир типте болгон, ага мүнөздүү жалпы белгилери бар, жалпы мүнөздүүлүгү болгон.

ТИПТҮҮЛҮК *зат.* Жалпы мүнөздүүлүк, типтүү болгон көрүнүш.

ТИР I *зат.* Бута коюп атууга ылайыктап жасалган жай.

ТИР II байлоо менен бирдей.

ТИРАЖ I *зат.* Заёмдо же лотореяда утуштардын ойнолушу. *Бул заём боюнча негизги тираждарда* 40 *сомдон* 500 *сомго чейинки утуштар ойнолот* («Советтик Кыргызстан»).

ТИРАЖ II *зат.* Басылып чыккан китеп же журналдын нускаларынын жалпы саны. *Массалык тираж менен басылып чыккан китептер. Китептин тиражы.*

ТИРГИЗ тирил менен бирдей.

ТИРДЕ *этиш.* Тапталган алгыр куштарды, бүркүттү тирүү канаттуу же майда жаныбарларды берип, алдырып үйрөтүү, салууга даярдоо.

ТИРЕ *этиш.* Бир нерсени кулатпай, түшүрбөй токтотуу үчүн жөлөк, тирек коюу. *Сарайдын чатырын тиреген мамылар. Ширеңкенин чийи менен тиреп койгонсуп, кирпиктери ирмелбейт* («Жаш ленинчи»).

◆ **Көк** *же* **асман тиреген** — заңгыраган, бийик. *Ким жасаган оймо-сайма тоолорду, Ким тургузган көк тиреген зоолорду* (Шүкүрбеков).

ТИРЕК *зат.* 1. **Тиреөч.** *Устундан коюлган тирек.*

2. *өт.* Колдой турган таяныч, бел кыла турган ишеним. *СССР—тынчтыктын тиреги. Тирегисиң элимдин, Түбөлүк тынчтык каалаган* (Осмонкул).

ТИРЕЛ тире этишинин туюк мамилеси.

ТИРЕТ тире этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРЕШ тире этишинин кош мамилеси.

ТИРИ тирүү менен бирдей.

ТИРИК *зат. диал.* Тирүү, жаны бар. *Жигит менен кыз бирге Тирик жүрөр болсочу* (Барпы). *Тирик эмес, өлүкмүн, балдар, Кыямат жүзүн көрүпмүн, балдар* («Эр Төштүк»).

ТИРИКАРАК *зат.* Тың, чыйрак. *Каныбек баланын тирикарак мүнөзүнө кубангандай күлүмсүрөдү* (Жантөшев).

ТИРИЛ *этиш.* 1. Тирүү абалга келүү, кайрадан жан кирүү. *Өлгөн менен кошо өлбөйт, Өкүргөн менен тирилбейт* (Токтогул). *Өлгөндү сурасаң тирилгенге эсе* (макал).

2. Жанданууу, оңолуу, өлүмсүрөгөн, эси оогон, алсыраган абалдан чыгуу, соо болуу. *Эси оор калган бала ооруканада жатып тириле түштү.*

◆ **Өлүп-тирилип** — жан талашып, аябай аракеттенип, кыйналып-кысталып. *Өлүп-тирилип атып араң жеттим.*

ТИРИЛЕЙ тирүүлөй менен бирдей.

ТИРИЛИК тирүүлүк менен бирдей.

ТИРИЛТ тирил этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРИЛҮҮ тирил этишинин кыймыл атоочу.

ТИРИЧИЛИК *зат.* Жашоо, күн көрүү, өмүр сүрүү, өсүү шарты; турмуш; оокат кылуу, жан сактоо шарты. *Мамбеткул менен аялы Көсөлдү жашынан тиричилик кылууга үйрөтүштү* (Каимов). — *Кой минтпе, балам! Тиричилик эмгек менен* (Байтемиров). *Балыктын тиричилиги суу менен.*

ТИРКЕ *этиш.* 1. Чиркештирүү, илиштирүү.

2. Каттоо, жазып коюу. *Книгага тирке. Сергей колундагы блокнотко өлчөнгөн метрлердин эсебин тиркейт* (Сыдыкбеков).

ТИРКЕЛ тирке этишинин туюк мамилеси.

ТИРКЕТ тирке этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРКЕШТИР *этиш.* Тиркеп коюу, илиштирүү. *Трактордо сокону Тиркештирип чегүүдө* (Бөкөнбаев).

ТИРКӨӨ тирке этишинин кыймыл атоочу.

ТИРМЕЙ тирмий менен бирдей.

ТИРМИЙ *этиш.* 1. Бир нерседен көзүн албай кароо, көз ирмебей тиктөө; көңүл коюп иштөө. *Токтогул Айтуунун башынан өткөн окуяларын.. тирмийип отуруп тыңшады* (Аалы). *Тирмийип окуп отурат.*

2. Мелтирөө, мостоюу. *Тирмийген баладан такыр сөз чыккан жок* (Байтемиров).

ТИРӨӨ тире этишинин кыймыл атоочу.

ТИРӨӨЧ *зат.* 1. Бир нерсени тирөө үчүн колдонулган жөлөк, тирек, түркүк. *Кээде тирөөч сынып, вагонеткалар кыйраган күндөр аз болгон бекен!* (Сасыкбаев). *Тирөөчтүн боорундагы мыкка илип койгон чырак.. турат* (Байтемиров).

2. *өт.* Колдоп, көтөрмөлөп, жактап туруучу таяныч, жөлөк. [*Көчөр*] *ушундай*

тирөөч болчу адамга туш болгонуна чексиз кубанды (Бейшеналиев).

ТИРСЕЙ тирсек менен бирдей.

ТИРСЕК *зат.* 1. Согончоктон башталган жоон тарамыш. *Кежеңдеген кежирди Тирсегинен илгенде* («Манас»).

2. Көздүн сурмасына чыгуучу ысык. *Көзүнө тирсек чыгыптыр.*

ТИРСИЙ *этиш.* Уруюп чыгып туруу, чыңалып туруу. *Алп Шамбет баягы тирсийген портфелин балдарга көрсөттү* (Сыдыкбеков). *Чаначтын булуңдары тирсийип, кулдурт-кулдурт эткенде, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков).

ТИРТ: тирт-тирт этүү — булкуп тартылуу, дирт-дирт этүү.

ТИРТЕҢ: тиртең-тиртең этүү — кубарып-кумсарып, итиреңдеп ачууланууу. *Ушакчы тиртең этип айта кетти «Жолумду, Кошой досум, тоспо торой»* (Аалы).

ТИРТЕҢДЕ *этиш.* Кубарып-кумсарып, итиреңдеп ачууланууу; тиртең-тиртең этүү. *Тиртеңдеп чочуй берди көзүн ачпай, Карагай солк этпеди аскар таштай* (Аалы).

ТИРТЕҢДЕТ тиртеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРТЕҢДӨӨ тиртеңде этишинин кыймыл атоочу.

ТИРТИЙ *этиш.* Ачуусу келип, жактырбай сурдануу. *Сынасаң бир күн жайында, Тиктеп калат тиртийип* (Маликов).

ТИРТИЙТ тиртий этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРТИЙҮҮ тиртий этишинин кыймыл атоочу.

ТИРТИЛДЕ *этиш.* Тирт-тирт этүү. *Ашим Ашимовичтин тула бою тиртилдеп кетти* («Ала-Тоо»).

ТИРТИЛДЕТ тиртилде этишинин аркылуу мамилеси.

ТИРТИЛДӨӨ тиртилде этишинин кыймыл атоочу.

ТИРТИҢДЕ тиртеңде менен бирдей.

ТИРҮҮ *сын.* Өлбөгөн, жандуу, жаны бар. *Тирүү организм. Тирүү жандык. Кантейин, тирүү көрбөдүм Каргадай жалгыз уулумду* (Токтогул).

◆ **Көзү тирүү** — чыйрак, бышык, идиректүү. *Ал көзү тирүү, сары чийкил, ыманы ысык жаш жигит экен* (Бөкөнбаев).

ТИРҮҮЛӨЙ *сын.* Тирүү бойдон. *Тирүүлөй жетим мен калып, Машакат өттү башымдан* (Барпы). *Марфадан тирүүлөй айрылган экенбиз* (Сасыкбаев). *Тирүүлөй колго түшүрмөк болушту* («Советтик Кыргызстан»).

ТИРҮҮЛҮК *зат.* Тирүү жүргөн абал, тиричилик шарт. *Жазып көрдүм, Ысык-Көлдө жаз жыргал, Тирүүлүктө көлдүн жазын көрүп кал* (Осмонов). *Тирүүлүктө аз жолукпайт өкүнүч, О, замандаш, эскере жүр ар качан* (Аалы).

ТИТАН *зат.* 1. Байыркы гректердин мифологиясында: кудайлар менен күрөш жүргүзгөн гигант, алп.

2. Таланты, ишмердүүлүгү, чыгармачылык жана акыл жөндөмдүүлүгү ж. б. жагы артыкча болгон, өзгөчөлөнгөн адам.

ТИТАН II *зат.* Суу кайнатуучу чоң идиш.

ТИТАН III *зат.* Химиялык элемент, күмүш түстүү катуу ак металл.

ТИТИРЕ *этиш.* 1. Майда калтырак басуу, дирилдөө. *Бугимов титиреп ары-бери басты* (Сасыкбаев). *Бир аз сөз айта албады бой титиреп, Мезгилсиз муз тоңгондой жаз гүлүнө* (Үмөталиев).

2. *өт.* Толкунданып, тынчтана албай туруу. *Дүйнө жүзү азыр титиреп турган кези* (Байтемиров).

ТИТИРЕҢДЕ *этиш.* Ачуусу келип, ызырынып калчылдоо; титиреп кетүү. *Бугимов титиреңдеп, энтигип, ары-бери баса баштады* (Сасыкбаев). *Ачыччы токтоло калып, бир топко сүйлөй албай титиреңдеп турду* (Жантөшев).

ТИТИРЕҢДӨӨ титиреңде этишинин кыймыл атоочу.

ТИТИРЕТ титире этишинин аркылуу мамилеси.

ТИТИРӨӨ титире этишинин кыймыл атоочу.

ТИТУЛ *зат.* 1. Феодалдык жана буржуазиялык коомдо кишилерге мурастык жол менен же сыймык иретинде берилүүчү ардактуу наам.

2. *полигр.* Китептин аты; китептин наамы толук жазылган бети.

ТИШ *зат.* 1. *анат.* Тамакты керте тиштөө, үзүп алуу жана майдалап чайноо үчүн кызмат кылуучу сөөк зат, ооз ичиндеги мүчө. *Кашка тиш. Маңдай тиш. Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт* (макал).

2. Соконун жана маланын жердин кыртышын тилүүчү, тырмап, майдалоочу миздүү, учтуу бөлүктөрү. *Жарк-журк деп соко тиштер кыртыш тилип* (Мидин). *Кырк тиш мала шай болсун Кырка-кырка чубама* (Осмонов).

◆ **Тиш каккан** *к.* **как V. Тиштин кирин соруу** *к.* **кир I. Тиши өтпөө** — алы жетпөө, зэтеме кыла албоо, колунан келбөө.

ТИШТЕ *этиш.* 1. Тишке салып кысуу, кыса кармоо, көтөрүү. *Ит сөөк тиштеп бараткан эле* (Шүкүрбеков). *Камчысынын сабын тиштеп, аркы-берки ойго кетти. Кырк кулактуу казанды Көтөрүп тиштеп алыптыр* («Эр Төштүк»).

2. Тиши менен кертүү, бөлүү, үзүү. *Чаргын боорсоктун тең жартысын бөлө тиштеп алды* (Сыдыкбеков). *Аттары асман тиктеген, Арпасын жара тиштеген* (Тоголок Молдо).

3. Тиши менен айбат кылуу, кол салуу же коргонуу аракетин жасоо. *Ат тиштеп алды. Ит тиштеди. Карышкыр тиштеди.*

4. Тиш салып кармоо, басып калуу, өлтүрүү. *Өрдөк тиштей турган машке. Сак сагызган түлкүнүн башына барды, Шап эттире түлкү акең тиштеп алды* (Шүкүрбеков).

5. **Тишке салып кысуу аркылуу териден тигилген кийимдин тигишин жаткыруу.** *Тондун тигишин тиштеп жаткыруу.*

◆ **Ок тиштөө — ок урсун деп карануу.** *Тузга сиесиңби же ок тиштейсиңби?*

(Аалы). **Таш тиштөө** — тилеги ордунан чыкпай калуу, тилеги таш кабуу. *Же андан, же мындан болбой, таш тиштеп калбайын* (Қаимов). **Бармагын тиштөө** — өкүнүү, арманда калуу. [*Барпы*] *жаштыгын, аял ала электигин эстеп бармагын тиштеди* (Байтемиров). **Эрдин тиштөө** — 1) башкаларга билгизбей эрдин тиштөө аркылуу кимдир бирөөгө купуя оюн билгизүү, ишарат кылуу; 2) ызырынуу, кекенүү, бирөөгө карата ичинде кек сактап жүрүү.

ТИШТЕМ *зат.* Оокаттын бир тиштеп оозго салынган бөлүгү, ушундай бөлүккө туура келген ченем. *Бир тиштем нан. Бир тиштем эт.*

ТИШТЕН *этиш.* Ачуусу келип ызырынганда, каарданганда, кекенгенде же ооруга, кыйнооно чыдап чымырканганда тиштерин бири-бирине бекем такап кысуу, үстүнкү тиштери менен астынкы эрдин кыса тиштөө. *Кабагын карыш салып тиштенип, эрди уламдан-улам мурчуя берди* (Байтемиров). *Эрдин кесе тиштенип, Чымындай жалга күч келип* («Курманбек»).

ТИШТЕНҮҮ тиштен этишинин кыймыл атоочу.

ТИШТЕТ тиште этишинин аркылуу мамилеси.

ТИШТӨӨ тиште этишинин кыймыл атоочу.

ТИШТЭЭК *сын.* 1. Алгыр, куткарбаган (тайганга же ууга жараган башка иттерге карата). *Бүркүтүң алгыр жаш түлөк, Тайганың тиштээк жез билек* (Токтогул).

2. Тиштеп алма, тиштегич. *Тиштээк жылкы. Тиштээк бала.*

ТКАНЬ *зат.* 1. Токулган материя, кездеме.

2. *биол.* Өз ара байланышта болгон жана организмде бирдей функцияны аткарган бир өңчөй, бир түрдүү клеткалардын тобу.

ТОБО *зат.* 1. Өз катасын, кылмышын мойнуна алып, экинчи мындай кылбаска сөз берүү. *Кара мүртөз түгөнгүр, Кай жерде тобо кылчу эле* («Семетей»). *Өзүм келдим силерге, Тобо кылып токтонуп* (Жантөшев).

2. Таң калгандыкты же диний түшүнүк менен кудайга жалынгандыкты, алкагандыкты билдирүү үчүн колдонулат. «*Тобо, ой, Токтогулдун үнүнө окшойт*» — *деген бир карыянын үнү угулду* (Бөкөнбаев). *Куданын кудуретине тобо! Кудая тобо, ушундай да укмуш болобу!*

ТОБОКЕЛ *мод.* Мейли, эмне болсо да көрөлү, кайдан чыкса андан чыксын деген мааниде колдонулат.— *Тобокел. Макулмун* (Шамшиев). *Эмнеси болсо да тобокел* («Ала-Тоо»). *Көзү түшсө бир ишке, Топтонушуп келишет, Тобокел деп киришке* (Токтогул).

ТОБОКЕЛЧИ *зат.* Эмне болсо ошо болсун деп, тобокелге салып урдура берме, алды-артын карабай кирип кетме киши. *Жалал балбан тобокелчи, өтө тайманбас киши боло турган* (Абдукаримов).

ТОБОКЕЛЧИЛ тобокелчи менен бирдей.

ТОБОРСУ *этиш.* Чала кургоо, толук кургатбай, алешем, чала-була нымы менен болуу. *Эки күндөн кийин жер тоборсуп, айдоого жарады* (Убукеев). *Жер бети анчалык тоборсуй элек кези* (Сыдыкбеков).

ТОБОРСУТ тоборсу этишинин аркылуу мамилеси.

ТОБОРСУУ тоборсу этишинин кыймыл атоочу.

ТОБУЛГУ *туурасы*: **табылгы.**

ТОБУРЧАК I *зат.* Келишкен мыкты ат. Жооно минилүүчү мыкты ат. *Мара бир аз узагыраак болгондо, көк тобурчак басып кетмек* (Қаимов). *Тобурчак минип артынан Куусаң келбейт балалык* (Токтогул).

ТОБУРЧАК II *зат.* Карагайдын сырты кабырчык менен капталган, сүйрүсүнөн келген ашы. *Эң жоош деген Сатай да туура үч ирет этегин тобурчак менен толтурду* (Сыдыкбеков).

ТОБУШ добуш менен бирдей.

ТОВАР *зат.* 1. Алмаштыруу же соодасатык жүргүзүү үчүн өндүрүлгөн эмгек продуктусу. *Товар өндүрүү. Товар жүктөлүүчү вагондор.*

2. Ар кандай соода предметтери. *Магазинге жаңы товарлар көбүрөөк түшчү болду* («Ала-Тоо»). *Базар товарлары.*

ТОВАРДЫК *сын.* 1. Товар болуп эсептелген, сатууга арналган. *Казакстан товардык эгин өндүрүү боюнча СССРдин кампасына айланды* («Коммунист»).

2. Товар, жүк ташууга арналган. *Товардык поезд.*

ТОГО *этиш.* Экинчи бир нерсенин эсебине чегерүү, ошого туура келет, теңдешет деп эсептөө. — *Кечээ, мурдагы күнү аз алып келгениңе карабастан, көп акча бергемин. Бүгүн алып келгендериңди ошого тогоймун* (Жантөшев).

ТОГОЛ того этишинин туюк мамилеси.

ТОГОЛО тоголон менен бирдей.

ТОГОЛОК *сын.* Шар формасында болгон, шарга окшогон. *Топтой болгон тоголок таш. Тоголок кызыл даны бар, Токчулук буудай жана бар* (Тоголок Молдо).

◆ **Тоголок арыз** — бирөөнү жамандап, бирок жазган кишинин аты көрсөтүлбөй жазылган арыз. **Тоголок жетим** *к.* **жетим.**

ТОГОЛОКТО *этиш.* Тоголок формага келтирүү.

ТОГОЛОКТОО тоголокто этишинин кыймыл атоочу.

ТОГОЛОКТОШ *этиш.* Биригишип, топтошуп калган абалга келүү. *Тоголоктошуп калган ун.*

ТОГОЛОКТОШТУР тоголоктош этишинин аркылуу мамилеси.

ТОГОЛОКТОШУУ тоголоктош этишинин кыймыл атоочу.

ТОГОЛОН *этиш.* Бир нерсенин үстү менен өз огунда айлана жылуу (шар формасындагы нерселер жөнүндө), тегеренип, ала салып кулап же көмөлөнүп кетүү. *Волейболдун тобу алдыбызга тоголонуп келсе болобу* («Жаш ленинчи»). *Челек тоголонуп кетип, ачкыл Токтогулдун тизесине жаба төгүлдү* (Аалы). *Аты менен ошондо Тоголонуп калды эле* («Эр Төштүк»).

ТОГОЛОНУУ тоголон этишинин кыймыл атоочу.

ТОГОЛОТ *этиш.* 1. Тоголонуп кеткидей кыймылга келтирүү, кулатып, ала салдырып, көмөлөтүп жиберүү. *Мээрин төгүп күн эритсе ак карды, Тоголотуп өзөндөгү таштарды* (Маликов). *Тоголотуп топ тептик, Топ качса да биз жеттик* (Үмөталиев). *Тоголотуп далайын Топуракты жалатты* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Кулатуу, жыгуу, жок кылуу, ойрондоо, талкалоо. *Душманды толкун болуп тоголоткон, Эзелден күчтүү, терең— орус калкы* (Аалы).

ТОГОЛОТУУ тоголот этишинин кыймыл атоочу.

ТОГОНОК *зат.* Көңүл соороторлук, көңүл жубатарлык жөлөк, нагыз өзү болбосо да ордун басарлык, ыраазы болорлук каниет. *Өйдө чыксак тогонок Өбөк Төштүк келди деп* («Эр Төштүк»). *Эч болбосо эки айда бир көрүнүп койсоңор эле, мага чоң тогонок* (Аалы).

ТОГОНЧОР *зат.* Жээн небере.

ТОГОО I того этишинин кыймыл атоочу.

ТОГООЛ *зат.* Жакындашкан, кездешкен абал, планеталардын бири бирине жакындап, мандай-тескей болуп турган кези. *Оң чекеден күн чыгып, Сол чекеден ай чыгып, Тогоол болуп бул экөө, Белги болуп алыптыр* («Семетей»).

◆ **Беш тогоол** — жаз айларынын биринин аты. *Беш тогоол болбой бел чечпейт* (макал).

ТОГООН *зат.* Суу бөгөгөн тосмо, бөгөт.

ТОГОР *этиш.* Кандайдыр бир карыздын ордуна бир нерсени эсептеп чыгарып коюу, чегерүү. *Достай жоголгон атына тогоруп, Малтабардын эки жылдык акысын бербейт* (Жантөшев).

ТОГОРУУ тогор этишинин кыймыл атоочу.

ТОГОТ тоот менен бирдей.

ТОГОШ *этиш.* 1. Беттешүү, кездешүү, тоорушуу, кармашуу, кагышуу. *Кече сары өзөн Үйдүн башында, Бир тогоштум Коңурбай* («Манас»). *Томсоруп кайта келгиче, Тогошпой үйдө тим жатпай* («Эр Табылды»).

2. Тогоол абалына келүү.

ТОГОШТУР тогош этишинин аркылуу мамилеси.

ТОГОШУУ тогош этишинин кыймыл атоочу.

ТОГУЗ *сан.* 1. 9 саны, эсеби. *Айыл чарба адистерине арналган бөлмөнүн эшиги күндөгүдөй эле саат тогузда ачылды* (Убукеев). *Тогуз жашар бул бала Кимдин уулу болду экен?* (Токтогул). *Жыландарын карасаң, Тогуз кулач аркандай* («Манас»).

2. *тар.* Калыңга, байгеге же айыпка берилүүчү тогуз мал. *Аягында кудалардын жааты жеңилип, үч тогуз, бир кул берип жарашты — деп жалган айтып жибердим* (Аалы). *Токтогул деп кекетсең, Тогуз айып алар сың* (Токтогул). **Тогуз толгоо бир келүү** — толгон кыйынчылык, бир нече иш, ар кандай кырдаал чогуу келүү. **Тогуз коргол** *к.* **коргол.**

ТОГУЗУНЧУ *сан.* Тогуздун иреттик саны.

ТОЗ I *зат.* Кузгундап, муздан ашып кеткен суу.

ТОЗ II *этиш.* 1. Тозоңго айланып, учуп, жок болуп кетүү.

2. Тарап, тентиреп кетүү, качып-бозуп кетүү.

3. Эскирүү, абдан эскирип жыртыла баштаган, сүзүлүп калган абалга жетүү.

ТОЗДУР тоз этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЗОК *зат.* 1. Диний түшүнүк боюнча: өлгөн адамдардын күнөөлүүлөрүнүн жаны түбөлүк кыйноого алынуучу жай. *Бейиш, тозок санаа менен ойлошкон, Арбап, арбап, жемиш таап тойлошкон* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Кыйноо, азап, кыйынчылык. *Ноктодон башын куткарды Тозокто жаткан элимди. Куп ырахмат айтабыз Куттуктап асыл Ленинди* (Токтогул). *Сегиз саат кыймылдабай тактайда олтуруу тозок экен* (Бейшеналиев).

ТОЗОКТУУ *сын.* Кыйын, оор, азаптуу. *Тозоктуу оор күн кетер, Теңдик бир күн жарк этер* (Барпы).

ТОЗОКУ *сын.* Кыянатчы, кежир, тилазар, кыйды. *Тобурчак изин чалдырар Тозоку кедей арам куу, Тоздуруп кармап алдырар* («Кедейкан»).

ТОЗУУ тоз этишинин кыймыл атоочу.

ТОЗОҢ *зат.* Абада көтөрүлгөн майда чаң, өтө майда кыпын. *Кулак-мурундарынын кычыгынан көө тозоңу кетпеген кишилердин бетинин жартысы гана көрүнөт* (Сасыкбаев). *Карагандар таң болду, Кара тозоң чаң болду* («Манас»).

ТОЗОТ тосот менен бирдей.

ТОЙ I *зат.* Бала төрөлгөндө, кыз бергенде, келин алганда ж. б. эл чакырылып, ар кандай оюн-тамаша болуп тамак берилүүчү салтанат; кандайдыр бир салтанаттуу датага карата болгон майрам. *Эртеси Шопок бир кой союп Дүйшөнкулдун бешик тоюн берди* (Бөкөнбаев). *Тойго эмне соолат, келинчегим не кист, аны өзүм билем* (Сыдыкбеков). *Советтик гимн ойнолуп, Салтанаттуу той болуп, Сайранга мекен толгон күн* (Нуркамал).

ТОЙ II *этиш.* 1. Тамактанып, азыктанып, жем-чөп жеп ж. б. ачкалыгын басуу, кардын тойгузуу, канааттанганча тамактануу, жеп-ичүү. *Курсагы тойгон соң, Ок жетпесин зэрчитип, Динар далайга гүл терди* (Сыдыкбеков). *Эненин колунан кыз тойбойт, эрдин колунан куш тойбойт* (макал).

2. Бир нерседен же бирөөдөн жадоо, аша кечүү. *Сенден тойдум.*

ТОЙГУЗ той этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЙДУР тойгуз менен бирдей.

ТОЙЛО *этиш.* Тойдо болуу, той салтанатына катышуу, бир тойдон экинчи

тойго барып кыдырып жүрүү. *Тойду бирге тойлогон, Ойду бирге ойлогон* (Үмөталиев). *Биз, бүгүндө шаңдуу тыптынч өлкөнүн Туган күнүн шаттуу тойлоп жатабыз* (Аалы).

ТОЙЛОО тойло этишинин кыймыл атоочу.

ТОЙЛОТ тойло этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЙЛОШ тойло этишинин кош мамилеси.

ТОЙПОҢ: тойпоң-тойпоң этүү — кичиникей, толугураак көрүнүштө мотурандаган кыймыл-аракетте болуу.

ТОЙПОҢДО *этиш.* Кубанычтуу, көңүлдүү түрдө тойпоң-тойпоң этүү. *Былдырашып тойпоңдоп, Үйдөн чыкты балдары* (Аалы).

ТОЙПОҢДОО тойпоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОЙТОЙ *этиш.* 1. Бир аз майрыйган кыска көрүнүштө болуу. *Тойтойгон бут.* 2. Кеби кетип бир аз кыйрауу. *Тойтойгон өтүк.*

ТОЙТОЙТ тойтой этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЙТОКТО тойтоңдо менен бирдей.

ТОЙТОҢДО *этиш.* Тойтойгон кебетедеги кыймыл-аракетте болуу, тултуктап жактырбаган мүнөз көрсөтүү.

ТОЙТОҢДОО тойтоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОЙТОҢДОТ тойтоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЙТОР *этиш.* Башкаруу, көз салуу, баш-көз болуу. *Тоо толгон дүйнө таланды, Иним ай, тойторуп алар киши жок* («Семетей»).

ТОК I *зат.* Электр зарядынын кыймылы, агымы, электр энергиясы.

ТОК II *сын.* 1. Тойгон, өзүнүн ачкалык сезимин толук канагаттандырган, ачка эмес. *Ач кайгысын ток билбейт* (макал). *Бүгүн кардың ач болсо, Балам, эртең кайта ток болот* (Токтогул). 2. Ооматы мол, оокаттуу, турмушу жакшы; көңүлү куунак. *Ырлар жаздым, кээде сызып, кээде оңдоп, Бала өстүргөн жаш атадай көңүлүм ток* (Осмонов).

ТОК III: ток этүү *же* **ток-ток этүү** — кандайдыр бир катуу нерсе менен көбүнчө жыгачка ургандагыдай дабыш чыгуу. **Ток этер жери** —кыскасы, негизгиси, маңызы, жыйынтыгы. [*Бурулча*] *сөзүнүн аяк жагында иштин ток этер жерине өттү* (Байтемиров). *Окуянын ток этер жеринен баштайлы* («Чалкан»).

ТОКАРЬ *зат.* Металлды, жыгачты ж. б. сүрүп жонуу, курчутуу сыяктуу жолдор менен иштөөчү специалист.

ТОКМААРЕК *сын.* Ток пейил, ач көз эмес. *Кандай сүйкүм, кандай эрке, токмаарек, Үйүңдөгү аксак, таргыл мышыгың* (Аалы).

ТОКМОК *зат.* 1. Казык кагуу, бир нерсени катуу уруу ж. б. үчүн ылайыкталган жыгач балка, баш жагы уруюн же жоон болуп кеткен кабелтең союл жыгач. *Акмандын колунда чоң токмогу бар* (Сыдыкбеков). *Токмогу күчтүү болсо кийиз казык жерге кирет* (макал).

2. Оюн-тамашада чабуу, уруу үчүн колдонулуучу эшилген жоолук. *Боз уландар колуна токмок тие сала жаактарын жанышат* (Сыдыкбеков).

◆ **Ур токмок** — 1) жомоктордо: өзү эле уруп кирүүчү токмок; 2) бирөөнүн колундагы курал болуп, уруп-сабап кирүүчүлүк. **Токмок жалдуу** — чоң, коюу, сапырылган узун жалы бар. *Токмок жалдуу тору айгыр.*

ТОКМОКТО *этиш.* 1. Сабоо, уруу. *Көпчүлүк Болот миң башыны токмоктоп жатып калды* (Абдукаримов).

2. Эгиндин данын, кызылын ажыратып алыш үчүн союл, токмок менен чапкылап уруу. *Токмоктогон буудайды сапырып жаткан энесинин жанына Гүлайым.. жетип барды* (Абдукаримов).

ТОКМОКТОО токмокто этишинин кыймыл атоочу.

ТОКМОКТОТ токмокто этишинин аркылуу мамилеси.

ТОКМОКТОШ токмокто этишинин кош мамилеси.

ТОКОЙ *зат.* Аягы менен турган көп дарак, бак-дарак көп жана калың чыккан чоң аянт. *Арсланбап асыл жер экен, Ар түрдүү жыгач кени бар, Караңгы токой чер экен* (Тоголок Молдо). *Өзөндүн боюндагы калың токой кыймылсыз телмиришет* (Каимов). *Жалгыз дарак токой болбойт* (макал).

◆ **Толгон токой** — өтө көп. *Бакендин көңүлүн кымкуут кылган толгон токой суроолор* (Каимов).

ТОКОЙЛУУ *сын.* Токою бар, токою көп. *Чоң Талас токойлуу келет* (Каимов). *Токойлуу жер аңсыз болбос* (макал).

ТОКОЙЧУ *зат.* Токой кароолчусу; токой кайтаруучу. — *Мына бу кичине суу бир тегирмен, Бул жерде токойчунун үйү турат* (Үмөталиев).

ТОКОЙЧУЛУК *зат.* Токой чарбачылыгы.

ТОКОЛ *сын.* 1. Мүйүзү жок, мүйүзсүз. *Мүйүзү жок эчки менен үйду кыргыздар токол деп аташат* (Каимов).

2. Эки же андан көп аял алган кишинин байбичеден кийинки алган аялы. *Ормон өз токолун атка сүйрөтүп өлтүрдү* (Шүкүрбеков). *Токолдон жалгыз Мендирман* («Мендирман»).

◆ **Токол буудай** — кылканы жок, кылкансыз буудай. *Бүт жер жүзү жалаң гана жайкалган ак токол буудайлардан жаралгандай алардын чегине көздүн курчу жетпейт* (Абдумомунов). **Токол элечек**— төбөсү жыгылбай чалып оролгон кичинекей элечек. **Токол там** — чатыры жок, төбөсү жалпак жабылган үй. *Тоңдуктар турган токол там Биздикинен жакшыбы* («Чалкан»).

ТОКОНААЛАТ *зат.* Жаман ат, жаман атак, уят. *Элге «Аңгы» дедирип, Баарыбыздын моюнга Токонаалат илинди* («Эр Төштүк»).

ТОКОЧ *зат.* Колдо жасалган нан. *Көм-*

көрмө токоч. Май токоч. Жапкан токоч.

ТОКСОН *сан.* 1. 90 саны, эсеби. *Токсондогу тоолук чалдар өкүнөт: «Жаш чагымда келсечи,— деп бул заман»* (Аалы). *Токсон кайрып ышкырган Тоонун эркин улары* (Бөкөнбаев).

2. Элдик календарь боюнча: кыш айлары (декабрь, январь, февраль). *Токсон түштү. Токсон күчүндө. Токсон чыкты.*

ТОКСОНУНЧУ *сан.* Токсондун иреттик саны.

ТОКТО *этиш.* 1. Кыймыл-аракетти, алга жылууну үзүү, жүрбөй калуу, ордунан козголбоо, жылбоо, ишти жүргүзбөй, улантпай коюу. *Кай бир танк буту үзүлүп турду токтоп* (Үмөталиев). *Эмгек токтой калганга теребелде жымжырт* (Сыдыкбеков). *Сөздөр токтоп жымжырттык кайра өкүм сүрдү* (Жантөшев).

2. Бир жерге убактынча байыр алып туруу, түнөө, конуу. *Дон тукумдуу субайлары бир башка, Байыр кылып жашыл бетке токтогон* (Осмонкул). [*Асанбай*] *бул колхозго келгенде, көбүнчө Андрейдикине токточу* (Байтемиров).

3. Бир жерге токтолуу, чогулуп туруп калуу, орунтуктап калуу. *Кум токтогон дайрадай, Көйкөлөсүң өзгөчөм* (Барпы). *Аска, зоодо ак кар мөңгү токтогон, Арасында эчки-теке топтогон* (Калык).

4. Өлүп калбоо. *Баласы токтобойт.*

5. Боозуу (малга карата).

ТОКТОЛ токто этишинин туюк мамилеси.

ТОКТОМ *зат.* Көпчүлүк, коллектив кабыл алган чечим же өкмөттүн чечими.

ТОКТОМДУУ токтоо I менен бирдей.

ТОКТОН *этиш.* Сабыр кылуу, өзүн өзү токтотуп кармоо. *Максатына жеткен Кычан токтонуп турабы* (Бейшеналиев). [*Жийдегүл*] *токтоно алчу эмес* (Сасыкбаев).

ТОКТОНУУ токтон этишинин кыймыл атоочу.

ТОКТОО I *сын.* Сабырдуу, оор басырыктуу, токтомдуу. *Андрей оор басырыктуу, токтоо бала* (Сасыкбаев). *Нуркасым салмак менен токтоо сүйлөйт* (Сыдыкбеков).

ТОКТОО II токто этишинин кыймыл атоочу.

ТОКТООЛ токтоо I менен бирдей.

ТОКТООЛУК *зат.* Оор басырыктуулук, сабырдуулук, токтомдуулук. [*Чаргын*] *секретардын алдында токтоолук көрсөтүүгө тырышты* (Сыдыкбеков). *Ачуусу келсе да Ракыя токтоолук кылып унчуккан жок* (Байтемиров).

ТОКТООСУЗ *сын.* Тезинен, ошол замат, кечиктирбестен, дароо. *Ызакулдун чакырыгын уккан Кычан токтоосуз жетип барды* (Бейшеналиев). *Сестралар аны токтоосуз түрдө больницага алып жөнөдү* (Каимов).

ТОКТОТ токто этишинин аркылуу мамилеси.

ТОКТУ *зат.* Козудан өтүп калган кой. *Бул кыштоого токтулар кыштайт* (Жантөшев).

◆ **Токту сурамай** — эки жаат болуп отуруп алып ойноочу балдар оюнунун аты. *Токту сурамай дегенди биз бала кездерде ойночубуз* [*деди Омор*] (Сыдыкбеков).

ТОКУ I *этиш.* Атка, унаага ээр токум салып, бекитип, минүүгө даярдоо. *Канчорону чакырып, Ат току деп бакырып* («Манас»).

ТОКУ II *этиш.* Эриш-аркак кылып жиптен кездеме, таар ж. б. материалдарды согуу; илиништирип мээлей, жоолук ж. б. согуу.

ТОКУЛ току этиштеринин туюк мамилеси.

ТОКУЛГА *зат.* Атка токула турган ээр, тердик, желдик ж. б. жалпы жыйындысы. *Аттарыңардын токулгасын жакшылап токудуңарбы?* (Жантөшев). *Алтын ээр токулга Жарашабы тору атка* («Кыргыз фольклору»).

ТОКУЛГАЛА току I менен бирдей.

ТОКУЛГАЛУУ *сын.* Токулгасы бар, токулуу. *Токулгалуу ат.*

ТОКУЛДА *этиш.* Түрсүлдөө, түкүлдөө, жыгач менен жыгачты урганда чыккан сыяктуу дабыш чыгуу, такылдоо.

ТОКУЛДАТ токулда этишинин аркылуу мамилеси.

ТОКУЛДОО токулда этишинин кыймыл атоочу.

ТОКУЛУУ *сын.* Ээр токулган, токулгасы бар. *Токулуу турган атын минип, ат короону көздөй бет алды* (Убукеев). *Мамыда байланган токулуу эки ат бар* (Баялинов).

ТОКУМ *зат.* 1. Ээрдин астына токула турган токулга; тердик.

2. Бардык токулгасы менен бирге алынгандагы ээр. *Үстүнө токум салбадык, Кунанында кур коюп, Асыйында кармадык* (Бөкөнбаев). *Токумун бүт шыпырып, Атын коё берди дейт* («Саринжи—Бөкөй»).

ТОКУМДАЙ *сын.* Кичинекей, токумдун бетиндей. *Токумдай жерди бекер калтыргысы келбеген Чаргын.. таштактын дыңына көз токтоткон* (Сыдыкбеков). *Күн батыштан токумдай кара булут көтөрүлдү* (Жантөшев).

ТОКУН току этишинин өздүк мамилеси.

ТОКУТ току этишинин аркылуу мамилеси.

ТОКУУ току этиштеринин кыймыл атоочу.

ТОКУУЧУ *зат.* Токуй турган станокто иштөөчү жумушчу, мастер.

ТОКЧОЙ *этиш.* Кичинекей, тыгырчык, болтогой көрүнүштө болуу. — *Жей кой, токчойгон мээнетиңди алайын!* (Таштемиров).

ТОКЧОҢДО *этиш.* Токчойгон кебетеде кыймыл-аракетте болуу. *Доңкулдак токчоңдоду күлдүк уруп, Тобосун токсон ирет айтты туруп* (Аалы).

ТОКЧОҢДОО токчоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОКЧУЛУК *зат.* Тамак-аш, азык-түлүк кенен болгон жетиштүүлүк. *Кыш өкүмү баскан менен кырларды, Колхозчуда токчулуктун жыргалы* (Осмонов).

ТОЛ *этиш.* 1. Толтура болуу, бир нерсе менен толтурулуу, шыкалуу. *Кампадан*

артып, ороосу, Балам, толгонун айтсак болбойбу? (Токтогул). *Куба курут, сары май, Идиштер толуп көлдөгөн* (Барпы).

2. Чын, болук болуу, толук, жетилген абалда болуу, толук жетилүү. *Толуп турган кезеги. Күчү толуп турган жигит. Толуп турган кыз.*

3. Көп болуу, көп санда болуу. *Толуп жаткан эл. Толуп жаткан машина. Жылдыз толду.*

4. Кандайдыр бир белгилүү жашка чыгуу, белгилүү бир өлчөмгө ж. б. жетүү. *Он сегиз жашка жаңыдан толгон Жийдегулдун келбети, көз карашы Андрейге алда немедей көрүндү* (Сасыкбаев).

5. Ылайык келүү, канааттандырарлык абалга жетүү. *Сынга толду. Көңүлгө толду. Купулга толду.*

ТОЛГО *этиш.* 1. Буроо, кайруу, имерүү. *Жума комузунун кулагын толгой баштады* (Жантөшев). *Кармашкан жоого түшө элек, Чынжырын толгоп үзө элек* (Турусбеков).

2. Буралта чырмоо, сыртынан буралта чулгап, курчоо.

3. Күч колдонуп, кандайдыр бир нерселер аркылуу кыйноо. *Чекесине чүкө толгоду. Чылбыр толгоп айттыруу.*

◆ **Моюн толгоо** *к.* **моюн. Боор толгоо**— бирөөнү ичинен аёо, аяп кейүү, жан тартуу. *Көпкө чейин койчулардын боор толгоосун байкап турду* (Жантөшев). **Тогуз толгоо бир келүү** *к.* **тогуз.**

ТОЛГОК толгоо I менен бирдей.

ТОЛГОН толго этишинин өздүк мамилеси.

ТОЛГОО I *зат.* Төрөт мезгилиндеги ичтин булчундары катуу жыйналып мезгил-мезгили менен ооруган процесс. *Тогуз айга толгондо, Толгоо пайда болуптур* («Эр Төштүк»).

ТОЛГОО II толго этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛГОТ 1. толго этишинин аркылуу мамилеси.

2. Толгоо кармоо, толгоо келүү. *Киндик кесип, кирди жуун, Толготуп эне туган жер* (Караладев).

ТОЛГОТУУ толгот этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛКУ *этиш.* 1. Жогору көтөрүлүү, ашып-ташуу, толкун болуу, толкундоо (мис., суу). *Дарыя ташып, деңиз толкуду* (Жантөшев).

2. *өт.* Көңүл көтөрүлүү, эргүү, көңүл чалкып кубануу, толкундоо. *Түрүн көрүп толкудум Тойгонбай кары баатырды* (Осмонкул). *Ансайын көңүл чарк уруп, Жаш талант толкуп чыңалды* (Бөкөнбаев).

ТОЛКУН *зат.* 1. Толкундап, чайпалуудан пайда болгон суунун жалданып өркөчтөнгөн кыймылы. *Көлдүн бети тармалданып катуу толкун көтөрүлө тургандай болуп жатты* (Сасыкбаев). *Толкунду жиреп баратат Тоо көлдүн сулуу кемеси* (Бөкөнбаев).

2. Физикалык чөйрөдөгү термелүү кыймылы. *Үн толкуну. Кыска толкундагы радио берүүлөр.*

3. *өт.* Эпкин, илеп, күү. *Электр тогу сыяктуу күчтүү толкун жүрөгүмдү аралап өттү* (Сыдыкбеков). *Эмгектин толкунунда кулач кереген, Кубанып ким айланбайт биздин элден* (Мидин).

ТОЛКУНДА *этиш.* 1. Суу бети чайпалып, жал-жал болуп, өркөчтөнүп термелүү, толкун пайда болуу, толкуу. *Толкундап көбүк чачып жатат Азов, Запкы жеп ачууланган буурага окшоп* (Үмөталиев).

2. *өт.* Көңүл көтөрүлүү, эргүү, көңүл чалкыган абалда болуу. *Толкундап аран отурган Акман ордунан тура калды* (Сыдыкбеков). *Жылдан жылга толкундап Элимдин күчү чыңдалды* (Осмонкул).

ТОЛКУНДАН толкунда этишинин өздүк мамилеси.

ТОЛКУНДАТ толкунда этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЛКУНДОО толкунда этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛМОЧ *сын.* Эткээл, толук, болтойгон. *Зуура толмоч келген, кең ийиндүү, кара тору келин эле* (Баялинов). *Сүйлөп жаткан толмоч кызыл жигит — зоотехник Базарбек* (Каимов).

ТОЛО *сын.* Толук, толтура, толгон, бүт. *Толо бою сары алтын. Үй толо эл.*

ТОЛОРСУК *зат.* Тизенин арт жагындагы, сан эти менен шыйрактын булчуң этин бириктирип турган тарамыштар. *Эки өрүм кара чачы толорсугунан өтүп турат* (Жантөшев). *Качырып ийсең кошундан, Топ башы болгон баатырды Толорсуктан илемин* («Эр Табылды»). *Толорсугун кыркуу.*

ТОЛОРСУКТА *этиш.* Толорсуктан алуу, толорсуктан тиштөө (мис., ит жөнүндө).

ТОЛТО I *зат.* Бычактын сабы ашталган жерине кийгизилген металл алкак. *Толтосу коло, тайган тил канжар* (Сасыкбаев).

◆ **Жүрөктүн толтосу** — жүрөктүн артериялык жана веналык кан тамырларынын башталган жери, жүрөктүн баш жагы.

ТОЛТО II *зат. диал.* Чөбөгө.

ТОЛТОГОЙ *сын.* Толтойгон, калың, тултугуй. *Толтогой сап. Толтогой бет.*

ТОЛТОЙ *этиш.* Долдойгон калың көрүнүштө болуу. *Бычактын толтойгон сабы. Толтойгон эрин.*

ТОЛТУРА *сын.* Ичи толгон, жык-жыйма, бөксө же аз эмес, толук, көп. *Толтура көмүр жүктөлгөн вагон. Үйдүн ичи толтура эл. Каздн толтура суу. Көкүрөгү толтура орден, медаль.*

ТОЛУ *сын.* Толук, толтура, толо абалдагы.

ТОЛУК *сын.* 1. Эткээл, семиз, толмоч. *Жеңе эти толук кишиэмеспи, деми кысыла түштү* (Убукеев).

2. Жетиштүү, кем эмес, кемчил же чала эмес, бөксө же аз эмес; толуп турган, жетилген. *Эмгекчинин толук курал шайманы* (Үсөнбаев). *Күнгө күйгөн беттери Толук бышкан алчадай* (Аалы). *Жайдын бир толук кезинде, Адырлуу тоонун бетинде* (Турусбеков).

3. Бүт, бүт бойдон, бүтүндөй. *Планды толук аткаруу. Мүмкүнчүлүктү толук пайдалануу.*

ТОЛУКТА *этиш.* Кандайдыр бир кемтикти, бир нерсенин жетишсиз жактарын толтуруу, толук абалга келтирүү, толук болушуна жетишүү. *Кара өгүзгө отунду араң жүктөп толуктап* («Эр Табылды»). *Толуктап камдап албаптыр, Тоюткор жем-чөп дандарын* (Үсөнбаев).

ТОЛУКТАЛ толукта этишинин туюк мамилеси.

ТОЛУКТАТ толукта этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЛУКТАШ толукта этишинин кош мамилеси.

ТОЛУКТОО толукта этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛУКТООЧ *зат. грам.* Сүйлөмдүн составында туруп, кыймыл-аракет багытталган объектини билгизүүчү айкындооч мүчөнүн бири.

ТОЛУКШУ *этиш.* Толук күчүнө, өңүнө кирген, толгон, тамылжыган абалда болуу. *Толукшуп турган өң кайда, Кылаңгыр тамак таппаса* (Аалы). *Толукшуп, толуп турган кезегиңде Толкундап тоо суусундай шарылдайсың* (Бөкөнбаев).

ТОЛУКШУТ толукшу этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЛУКШУУ толукшу этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛУМДУУ: көзгө толумдуу — көзгө көрүнүктүү, көңүлгө толорлук, сындуу, келишимдүү. *Көзгө толумдуу, көңүлгө токтомдуу жигит.*

ТОЛУУ тол этишинин кыймыл атоочу.

ТОЛЬ *зат.* Картон кагазды атайын составга чылап даярдалган, тамдын төбесүнө жабылуучу материал.

ТОМ *зат.* Кандайдыр бир чыгарманын айрым бир китепти түзгөн бөлүгү, ошондой эле кандайдыр бир чыгарманын айрым китеби; айрым китеп.

ТОМАЯК *зат.* Эчтемеси жок кедей, жарды. *Томаяк эрди карып деп, Торго таштап кетпеңер* (Барпы).

ТОМКОР *этиш.* Түбү менен же чоң кесек бойдон омкоруу, томуруу, оодаруу, төңкөрүү, каңтаруу. *Тоо жактан катуу сел жүрүп, Томкоруп ташты баратты* (Бөкөнбаев). [*Майдан*] *томкоруп, нан кесип, чай менен мейманымдын алдына коё салдым* (Касымбеков).

ТОМКОРТ томкор этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМКОРУЛ томкор этишинин туюк мамилеси.

ТОМКОРУУ томкор этишинин кыймыл атоочу.

ТОМОГО *зат.* Аңга, илбээсинге салынуучу кыраан куштардын (бүркүттүн, ителгинин) көзүн жаба кийгизүүчү калпак. *Томогосун ала элек, Тоодакка шилтеп сала элек* («Манас»). *Ак шумкарды алды дейт, Томогосун шыпырып, Таманга кагып калды дейт* («Семетей»).

ТОМОГОЛО *этиш.* Томого кийгизүү.

ТОМОЛО *этиш.* Тоголонуу. *Кызыл чок ким экенин биле түштү, Томолоп чаткаякка кире түштү* (Турусбеков).

ТОМОЛОЙ: томолой жетим — атасы да, энеси да жок жетим. *Алыкул ар кимдин эшигин сагалап томолой жетим калат* («Ала-Тоо»). *Керээз үч жашка чыкканда энеси өлүп, томолой жетим калат* (Токтогул).

ТОМОЛОК тоголок менен бирдей.

ТОМОЛОКТО тоголокто менен бирдей.

ТОМОЛОН тоголон менен бирдей.

◆**Томолонуп-жумаланып** — жыгылып-тура, ашып-шашып. [*Аттын*] *артынан томолонуп-жумаланып жүгүргөн Мустафа* (Сасыкбаев).

ТОМОР I *зат.* Тамырынан ачык сары түстүү боёк алынуучу өсүмдүк жана ушул өсүмдүктөн алынган боёк.

ТОМОР II: тойбос томор *же* **тойбогон томор** — опкок, кулкулдаган томаяк.

ТОМПОГОЙ *сын.* Томпойгон, томпок. *Томпогой чеке. Томпогой айнек.*

ТОМПОЙ I *зат.* Мүйүздүү ири малдын чүкөсү. *Томпой менен чүкө атуу.*

ТОМПОЙ II *этиш.* Уркуюп, төмпөйүп чыгып туруу, томпок абалда болуу, дөмпөйүп жаткан абалда, көрүнүштө болуу. *Балам, аркаңдагы томпойгон эмнең?* (Жантөшев). *Томпоюп чекелери, бет айрылган* (Үметалиев).

ТОМПОЙТ томпой этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМПОК *сын.* Төмпөйгөн, томпоюп чыгып турган. *Томпок бет. Оозу томпок. Томпок айнек.*

ТОМПОҢДО *этиш.* Томпойгон көрүнүштө, эби-сыны жок кыймыл-аракетте болуу. *Пилдер келет томпоңдоп* («Манас»).

ТОМПОҢДОО томпоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОМПОҢДОТ томпоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМСОР *этиш.* Үн катпай сумсайган абалда болуу, түнөрүңкү, муңайган же мисирейген көрүнүштө болуу. *Бектурган тилден калгандай томсорду* (Аалы). *Тойго келген балдар.. тийсе томпойдой эт жеп, тийбесе томсоруп тим кетүүчү* (Сыдыкбеков). *Жайылган малы болбосо, Томсоруп турган жер жаман* («Мендирман»).

ТОМСОРТ томсор этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМСОРУУ томсор этишинин кыймыл атоочу.

ТОМУГУУ томук этишинин кыймыл атоочу.

ТОМУЙ *этиш.* Дене бир нерсеге катуу тийгенде, урунганда томпоюп шишип чыгуу. *Бирөөнүн тиши сынып, бирөөнүн чекеси томуйган* («Чалкан»). *Чекеси томуюп шишип кеткен* (Байтемиров).

ТОМУЙТ томуй этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМУК I *зат.* Кашка жилик менен жото жиликтин кошулган жеринин үстүндө, бул жиликтердин булчуңдарын бириктирип турган кичине сөөк. *Чыканактай Агышты, Томукка тартып жиберди* («Манас»).

◆**Томук катмай** — мелдешкен эки кишинин бири томукту катып, экинчи киши качан жана кайсы жерде сураса да бере

койбосо утулуп калуучу шарты бар оюн. **Томук эти толуу** — өсүп жетилүү, баралына келүү.

ТОМУК II *этиш.* Үшүгөнүнөн көгөрүп шишип, сенейип калуу. *Томукkан шадыларын эмне үчүн үйлөп калганын сезбей да калды* (Аалы). *Томуккан муздак колу менен эки көзүн тең укалап [Андрей] үйүнүн ордун кайра-кайра карады* (Сасыкбаев).

ТОМУКТАЙ *сын.* Кичинекей. *Алыскы тоо чокуларында томуктай булут көрүнбөйт* («Ала-Тоо»). *Томуктай эт жебесе да тамашасын көрүүгө желденгендер көп болот эмеспи* (Жантөшев).

ТОМУКТУР томук этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМУР *этиш.* Чоң кесек түрүндө же түбү менен томкоруу. *Карындан май томуруп, ар бир табакка салды* (Байтемиров).

ТОМУРАЙ *этиш.* Томпойгон, дөмпөйгөн кебетеде, дөңкөйгөн токол көрүнүштө болуу. *Ботом, тоо жоголгон урчуктан, Томурайган тумшуктан, оргуп-оргуп чаң чыгат* («Сейтек»).

ТОМУРАЙТ томурай этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМУРАҢДА *этиш.* Болтойгон көрүнүштө, бойтоңдогон тез кыймыл-аракетте болуу. *Умуттун.. келиши томураңдап ойноп жүргөн эки баланы да шаттыкка бөлөдү* (Абдукаримов). *Байлоодо жулунуп турган музоо томураңдаган бойдон барды да, энесинин желинин сүзүп алды* (Убукеев).

ТОМУРАҢДАТ томураңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМУРАҢДОО томураңда этишинин кыймыл атоочу.

ТОМУРТ томур этишинин аркылуу мамилеси.

ТОМУРУЛ томур этишинин туюк мамилеси.

ТОМУРУУ томур этишинин кыймыл атоочу.

ТОН I. *зат.* 1. Иштелген, өңдөлгөн койдун терисинен жүн жагын ичине кептирип жасалган сырт кийим. *Суукка тоңгон кишиге Кур териден тон кызык* (Осмонкул). *Уй териси тон болбойт, Урушчаак киши оң болбойт* (макал).

2. Жалпы эле сырткы кийим. *Торко тон менен жайкалып, Байбиче жолго салыптыр* («Манас»). *Камка тонун Каныштын Башына чүмкөй жамынды* («Мендирман»).

3. Баланы азыктандыруу жана зат алмаштыруу үчүн, боюнда бар аялдын жатынынын ичине жаралуучу орган. *Айша Алымды төрөп тону түшпөй каза тапты* (Жантөшев).

ТОН II *зат.* Музыкалык үн.

ТОННА *зат.* Метрикалык системада 1000 килограмм оордуктагы салмак. *Биздин колхоздун кой чарбасы өлкөбүзгө ар жылы 128 тонна жүн берет* (Убукеев). *Жылкыбыз канча күч берет, Уйларым тонна сүт берет* (Осмонкул).

ТОННЕЛЬ туннель менен бирдей.

ТОНО *этиш.* 1. Түлөй баштаган төөнүн жүнүн сыйрып алуу.

2. Бирөөнүн болгон мал мүлкүн талап алуу; чечиндирип, каратап кетүү. [*Бечараларды*] *көз көрүнөө тоноп жаткандыктарын адамгерчилик деп эсептейсиңерби?* (Абдукаримов). *Кембагалдын кийимин Тоноп алды басмачы* (Барпы).

ТОНОЛ тоно этишинин туюк мамилеси.

ТОНОО тоно этишинин кыймыл атоочу.

ТОНОТ тоно этишинин аркылуу мамилеси.

ТОҢ I *зат.* 1. Муздаган, муз болуп калган, суук кармап катуу болуп калган абал. *Буудан ат ташыркабайт тоң болбосо* (Барпы). *Жердин тоңу жибиди.*

2. Быша элек, бышып жетиле элек. *Тоң алма.*

3. Ийкемдүү эмес сүйлөшүүгө, мамиле жасоого эптүү эмес. *Тоң киши. Тоң мамиле кылуу.*

ТОҢ II *этиш.* Үшүү, сууктан муз болуп катуу. *Жамынып жатар төшөк жок, Буттарым тоңуп муз болду* (Токтогул). *Сакал-мурутуна муз тоңо түшкөн экен* (Байтемиров).

ТОҢГОК тоңголок менен бирдей.

ТОҢГОЛОК *сын.* Тоңуп калган абал. *Тоңголокто жолго чыгуу. Тоңголок жол.*

ТОҢДООСУН *сын.* Тоңураак, ийкемдүү эмес, сүйлөшүп, мамиле кылууга эби жогураак, ийикпеген; коошпогон. *Абалы тоңдоосун тарткан башкарма тиги экөөнүн акедей асыла бергенинен уламбы, акыры жибиген* («Ала-Тоо»).

ТОҢДУР тоң этишинин аркылуу мамилеси.

ТОҢДУРМА *зат.* Жазында эгин себүү үчүн жүргүзүлгөн күзгү айдоо жана ушундай айдоо айдалган жер. *Тоңдурма айдоо.*

ТОҢКОБАШ: тоңкобаш атуу — башынан алыс тоголонуу, оңко-чоңко кетүү, тоңкочук атып жыгылуу. *Арыктан аттайм деп мүдүрүлүп тоңкобаш атып кетти* (Бейшеналиев).

ТОҢКОЙ *этиш.* Башы ылдый келип, көчүгү көтөрүлгөн абалда болуу. *Тоңкойгондо Бакайдын Томук эти бөлүнүп* («Манас»).

ТОҢКОЙТ тоңкой этишинин аркылуу мамилеси.

ТОҢКОҢДО *этиш.* Көчүк жагы көтөрүңкү абалда жылуу, жүгүрүү, кыймыл-аракетте болуу. *Жерди тыңшап желигип, Өөдө-төмөн тоңкоңдоп, Качып жүрөт ээлигип* («Эр Табылды»).

ТОҢКОҢДОӨ тоңкоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОҢКОҢДОТ тоңкоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОҢКОЧУК: тоңкочук атуу — тоңкобаш атуу.

ТОҢКОЧУКТА *этиш.* 1. Оңко-чоңко атуу, башынан алыс тоголонуу.

2. Тоңкоңдоп жүгүрүү, мөңкүү ж. б. *Башын жерге салыптыр, Тоңкочуктап жер чулгуп, Эти кызып алыптыр* («Манас»).

ТОҢКОЧУКТАТ тоңкочукта этишинин аркылуу мамилеси.

ТОҢКОЧУКТОО тоңкочукта этишинин кыймыл атоочу.

ТОҢКОЮУ *тоңкой* этишинин кыймыл атоочу.

ТОҢКУЛДАК *доңкулдак* менен бирдей.

ТОҢУРАҢДА *томуранда* менен бирдей.

ТОҢУУ *тоң* этишинин кыймыл атоочу.

ТОО *зат.* Айланадагы жерден же дөңсөөлөрдөн алда канча жогору көтөрүлүп турган бийиктик. *Аркар, кулжа жайлаган, Тоосу сонун биздин эл* (Осмонкул). *Көрүнгөн тоонун ыраагы жок* (макал).

◆ **Жанар тоо** — *эс.* вулкан. **Тоо теке** — жапайы эчкинин эркеги. *Мүйүзү каркайган тоо теке... куланып келип койчунун тушуна жатып калды* (Сасыкбаев). **Тоо эчки** — жапайы эчки. *Тоо эчкилер кыраңды көздөй безип бара жаткан экен* (Сасыкбаев).

ТООБА *тобо* менен бирдей.

ТООДАК *зат.* Мойну узун, катуу жүгүрө алган, аңчылык кылынуучу чоң талаа кушу. *Табына келсе ак шумкар, Тоодакты көрсө теминет* (Осмонкул). *Тоодагы богдо топтогон, Чөптүн гүлүн оттогон* (Тоголок Молдо).

ТООДОЙ *сын.* Абдан чоң, ири, көлөмү жагынан чоң, эбегейсиз зор. *Чөптү тоодой көп кылган Төгөрөгүн чеп кылган* (Тоголок Молдо). *Эти тоодой, Ысык-Көлдей чык болор* (Аалы). *Ашырдын кубанычы тоодой болгон эле* (Сасыкбаев).

ТООК *зат.* 1. Жумуртка алуу жана эт үчүн багып өстүрүлүүчү үй кушу. *Аппак тооктор жөжөлөрүн эзэрчитип, оттоп жүрөт кужулдашып кыдыңдап* (Аалы). *Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла* (макал).

2. Мүчөлдүн онунчу жылы. *Тоок жылы туулган.*

ТООККАНА *зат.* Тоок түнөөчү жай, кепе.

ТООЛУК *зат.* Тоодо туруучу, тоодо жашаган адам. *Тоолук шаңдуу балдарга Тоо тулпарын мингиздин* (Бөкөнбаев).

ТООЛУУ *сын.* Тоосу бар, тоолору көп. *Тогуз-Торо жерлерин, Тоолуу бийик белдерин* (Тоголок Молдо). *Тоолуу жер карсыз болбос* (макал).

ТООМ *зат.* Жолдордун ар тараптан келип кошулган жери. *Биз жаңыдан жол тоомуна келгенде, Шыңгыр обон сөздү бөлдү, каратты* (Аалы).

◆ **Сокур тоом** — билинер-билинбес из. *Сокур тоом жол менен, Сууну бойлоп жүгүрдү* (Осмонкул).

ТООРУ *этиш.* 1. Тегерене басып аңдуу, андып артына, изине түшүү; андып, имерчиктеп байкоого алуу. *Бир бөдөнө көрүп, ошону тоорудум* (Жантөшев). [*Жума*] *кыштан бери биздин үйдү тооруду да калды* (Жантөшев).

2. Ордо ойнуңда чийинге жакын турган чүкөнү тышка чыгара, абалагын болсо ичке калтыруурга аракеттенип атуу.

ТООРУТ *тоору* этишинин аркылуу мамилеси.

ТООРУУ *тоору* этишинин кыймыл атоочу.

ТООРУШ *тоору* этишинин кош мамилеси.

ТООС *зат.* Азиянын түштүк жактарында жашоочу, кооз жүндүү, куйругун чачырата жазып жиберүүчү куш.

ТООТ *этиш.* Теңине алып көңүл буруу, теңсинген же теңсинбеген мамилесин билдирүү, кандайдыр бир таасирди сезүү. *Тогузуң бирге мен жалгыз, Тоотсом бүгүн оңбоймун* («Мендирман»). [*Гулайым*] *мени тоотобу жокпу?* (Бейшеналиев). *Чилде ызгаарын тоотпой, Чыңайлы булчуң денени* (Осмонкул).

ТОП I *зат.* Катуу бир нерсеге урулганда серпилип ыргып кетүүчү, ичине аба толтурулган же туташ тоголоктолуп көбүнчө резинадан жасалган шар. *Топ ойноо. Футболдун тобу.*

ТОП II *зат.* Бозону сүзүп алгандан кийинки калган шак. *Ачыган шактын, көнсүгөн топтун жыты каңырсып, түз эле каңылжарга урат* (Касымбеков).

ТОП III *зат.* 1. Адамдардын, айбандардын, өсүмдүктөрдүн жана башка ар түрдүү нерселердин бири-бирине жакын жечогуу турган жыйындысы, группа. *Өйүздөн ат койгондо калдайган топ Солдаттар жалгыз ок да чыгарган жок* (Аалы). *Уркөр, уркөр, топ жылдыз, Уркүп кайда барасың* (Тоголок Молдо).

2. Тактапап түрүлгөн кездеменин түрмөгү. *Эки топ кездеме. Бир топ нооту.*

3. *тар.* Жыйын, чогулуш, кеңешме. *Балам бар деп мактанба, топтоо бирөө жок болсо* (макал). *Күндө жыйын, күндө топ кыла берип элинин кулагы сөздөн жадаган окшобойбу* (Убукеев).

◆ **Топ таш** — майда таштарды калчап ойноочу оюн. **Бир топ** — бир кыйла, бир далай. *Током адатынча бир топ куудул сөздөрдү айтты* (Бөкөнбаев). *Апасы бир топко чейин ойлонуп олтурду* (Каимов). *Тор-Айгыр менен Чылмайран Бир топ жер эле арасы* («Олжобай менен Кишимжан»). **Жоон топ** — бир далай санда, бир канча, бир кыйла көп. *Тентек кыздын колтугунда бүктөп-бүктөп кысып алган жоон топ газета бар* (Сыдыкбеков).

ТОП IV *туур.* Бир нерсеге тийгенде же урунганда дабыш таралбай чыккан үндү билдирүү үчүн колдонулат. *Күзүндө чыныдай апорттор топ-топ түшүп турбаса мага кел* (Сыдыкбеков). *Ак боз ат, ээси топ этип түшөр менен, жалт берип жөнөдү* (Сасыкбаев).

ТОПО *зат.* Топурак. *Топосу тоодой чачылды, Тозоң учуп басылды* («Манас»). *Ушак дөө калды жыгылып, Топого башы тыгылып* («Манас»). *Тыбырчылап топого Сойлогон жерим кең Талас* («Сейтек»).

ТОПОГРАФИЯ *зат.* Картага же планга түшүрүү максатында жер бетин өлчөөнүн методдорун үйрөнүүчү геодезиянын бөлүмү.

ТОПОЗ *зат.* 1. Бийик тоолуу жерлерде өстүрүлүүчү узун жүндүү, мүйүздүү, кепшөөчү айбан. *Топоз кышында башка малдай колду карабайт* (Абдукаримов).

2. *өт.* Көрксүз, копол, маңыроо чалыш. *Кайран келин байдын топоз уулуна кор болгон тура* (Сыдыкбеков).

ТОПОЙ *этиш.* Кичинекей бойтойгон,

төмпейген көрүнүштө болуу. *Топойгон бала. Топойгон тоо.*

ТОПОЛОҢ I *зат.* Койдун жапырт оорусу.

ТОПОЛОҢ II *зат.* Баш аламан, тартипсиз, кымгуут абал, дүрбөлөң. *Мунунар эмне? Тополоң болуп кайда ташынып жатасың?* (Абдукаримов).

ТОПОЛОҢДО *этиш.* Дүрбөлөңдөө, чакчелекей түшүү, ызы-чуу болуу, кымгуут түшүү. *Вагондун тиги эшиги тараптан тополоңдогон бир топ аял, эркектин үнү угулду* (Жантөшев). *Тополоңдоп жарышып, Тойго келди, карачы* («Эр Төштүк»).

ТОПОЛОҢДОО тополоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОПОЛОҢДОТ тополоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПОН I *зат.* Эгиндин бастырылгандан кийинки данынан бөлүнүп чыккан кабыгы, майдаланган сабактары ж. б. калдыгы. *Тигил ойдо комбайн күжүлдөп — топон учурат* (Сыдыкбеков). *Кырмандар толгон кызылдын Топону тоодой үйүлүп* (Нуркамал).

ТОПОН III: топон суу *к.* **суу I.**

ТОПОНДО *этиш.* Топонун бөлүү, топонду ажыратуу.

ТОПОНДОО топондо этишинин кыймыл атоочу.

ТОПОҢДО *этиш.* Тойпоңдоо, кичине, болук, тойпоңдогон кыймыл-аракетте болуу. *Торпок минип топоңдоп, Толгон бала чогулду* («Манас»).

ТОПОҢДОО топоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ТОПОҢДОТ топоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПОР *зат.* **1.** Жарды, колунда эчтемеси жок жакыр. *Мал жайганды билбеген топор койдун баарын кырып таштады* (Аалы). *Ай сайын алым жөнөтүп, Топор боло жаздадык* («Семетей»).

2. Чобур, тукур. *Жаман алында мунун жоргосун көр топордун* (Сыдыкбеков).

ТОПТО *этиш.* **1.** Чогултуу, үйүштүрүп жыйноо, бир жерге жыюу. *Топтогонбу бир жерге! Түйгөнбү бир түйүнгө!* (Үмөталиев).

2. Бир топко бириктирүү, баш коштурууу, айланасына көп санда чогултуу, жыйноо. *Партиябыз түрдүү улуттун баарысын, Бир кишидей аймагына топтогон* (Осмонкул).

ТОПТОЛ топто этишинин туюк мамилеси.

ТОПТОО топто этишинин кыймыл атоочу.

ТОПТОТ топто этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПТОШ топто этишинин кош мамилеси.

ТОПУ *зат.* Жука тигилген жеңил баш кийим. *Сайма топу. Ала топу. Кызыл топу* (Ашубаев).

ТОПУК: топук кылуу — канааттануу, канимет кылуу, канаат кылуу. *Деги тоюшпайт. Өздөрү топук кылбаса, мен кантип тойгузам* (Касымбеков).

ТОПУЛДА *этиш.* Топ-топ этип түшүү, топ-топ эткен добуш чыгуу. *Топулдап жемиш түшөт шак чумкөгөн, Ойготот таңга маал булбул сайрап* (Абдыраманов).

ТОПУЛДАТ топулда этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПУЛДОО топулда этишинин кыймыл атоочу.

ТОПУРА *этиш.* **1.** Көп санда баш аламан тартипсиз абалда болуу. [*Секретардын конторасы*] *ичи топураган бир топ эл экен* (Элебаев).

2. Дабыраган дабыш чыгаруу, опур-топур дабыш чыгуу. *Ташкенден көчүп топурап, Көкөтөй малы айдалды* («Манас»).

ТОПУРАҚ *зат.* Жер кыртышы жердин өсүмдүк өсүүчү үстүнкү катмары, турпак. *Кара топурак. Көпшөк топурак. Чополуу топурак.*

◆ **Топурак салуу** — 1) өлгөн кишини көмгөндө аны менен акыркы коштошуу белгиси катарында, мүрзөсүнө топурак таштоо; биротоло коштошуу; 2) мамилесин, байланышын үзүү. **Топурактан тышкары болуу** — тирүү болуу, аман болуу.

ТОПУРАТ топура этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПУРЛА топура менен бирдей.

ТОПУРОО топура этишинин кыймыл атоочу.

ТОПЧУ *зат.* Кийимдин топчулугуна илип бүчүлөп туруучу, сөөктөн, металлдан же башка нерседен жасалган бүчүлөгүч. *Мүйүз топчу. Седеп топчу.*

◆ **Топчу баш** — башы топчудай төгөрөк болгон куурай өсүмдүк. *Башка өсүмдүктөрдөн топчу баш бар* (Сыдыкбеков).

ТОПЧУЛА *этиш.* Кийимдин топчуларын бүчүлөө, топчуну топчулуктан өткөрүү. *Топчулап чепкен кийгизип, Токумдап чыңап төштөрүн* («Сариншы—Бөкөй»).

ТОПЧУЛАН топчула этишинин өздүк мамилеси.

ТОПЧУЛАТ топчула этишинин аркылуу мамилеси.

ТОПЧУЛАШ топчула этишинин кош мамилеси.

ТОПЧУЛОО топчула этишинин кыймыл атоочу.

ТОПЧУЛУК *зат.* Топчу өткөрүү үчүн жасалган узунча тегерете тордолгон көзөнөк. *Акман топчусун топчулуктарынан чыгарып, ак калпактын алдын кайрып коюучу* (Сыдыкбеков).

ТОР *зат.* Балык, куш ж. б. кармоого ылайыкталып кереге көз сыяктуу кылып жасалган сетка, же жөн эле тордоп согулган, жасалган нерсе. *Кушту мээнет чырмаса, Жердеги торго чалынат* (Токтогул). *Балыкчылардын тору толуп чыкты. Саятчы калат кубанып, Эки көзүн чакчайтып, Бозуму жатса торунда* (Осмонкул).

◇ **Торго түшүү** — бирөөнүн алдоосуна түшүү, амалдуу аракетине кабылып, чыга албай калуу.

ТОРБО дорбо менен бирдей.

ТОРГО *этиш.* **1.** Алдынан тороп тосуу, алдыга басууга, жүрүүгө мүмкүндүк бербөө; жолтоо болуу, тоскоолдук кылуу. *Бугимов да ордунан бачым тура калып, Акимдин алдын торгоду* (Сасыкбаев). *Кой-*

гун десем болбодуң, Алдыман чыгып торгодуң (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Жармашуу, илээшүү, чырмоо, тоорууу. «*Көк көйнөк*» *ага болбоду, Көк уйду улам торгоду* (Тоголок Молдо). *Кырсык бизди торгоду, Жырткычтар бизди койбоду* (Тоголок Молдо).

ТОРГОЙ *зат.* Көбүнчө талаада жашоочу, чымчык түркүмүнө кирүүчү кичинекей сайроочу куш. *Бото-Мойнок, Кара-Суу, Боз торгой сайрап ызы-чуу* (Үсөнбаев). *Тиги маңдайдагы адыр тараптан торгойдун чулдурап сайраган үнү угулду* (Абдукаримов).

◆**Кой үстүндө торгой жумурткалоо** — тынч, телегейи текши болгон, бейпил турмушта жашоо. *Кой үстүндө торгой жумурткалаган заман ушул* (Бөкөнбаев).

ТОРГОО торго этишинин кыймыл атоочу.

ТОРГУН *зат.* Жибек кездеменин бир сорту.

ТОРДО *этиш.* Бүчүлүктүн четин илмектеп сайып тигүү менен бекитүү же бир нерсенин жыртыгын, тешигин жипти каршы-терши өткөрүп бүтөө. *Жибек жиптин кызылы менен тордогон* (Сыдыкбеков).

ТОРДОЛ тордо этишинин туюк мамилеси.

ТОРДОМО *сын.* Сокмо, көзөнөк-көзөнөк болуп согулган. *Тордомо жоолук салындым, Толгонуп сени сагындым* («Кыргыз фольклору»).

◆**Тордомо коон** — кабыгы майда-майда чатынап турган коондун бир сорту. *Коондору чылк тордомо, дүңкүйгөн, Ширинди-ги, даамы кетпейт тилиңден* (Маликов).

ТОРДОО тордо этишинин кыймыл атоочу.

ТОРДОТ тордо этишинин аркылуу мамилеси.

ТОРКО *зат.* Баалуу жибек кездеменин бир сорту. *Тотудай боюм сыналып, Торкону кийдим жылтылдап* (Осмонкул). *Торко тон менен жайкалып, Боз жорго менен чайпалып, Байбиче жолго салыптыр* («Манас»).

◆**Кыл торко** *к.* **кыл I. Торко элек** — ийи өтө майда элек. **Топурагың торко болсун** — өлгөн адамды көмгөндө айтылуучу сөз.

ТОРМОЗ *зат.* Кандайдыр бир машинанын, поезддин ж. б. жүрүшүн акырындатуу же токтотуу үчүн колдонулуучу прибор.

ТОРМОЗДО *этиш.* Тормоз берүү, тормоз берип токтотуу.

ТОРМОЗДОО тормоздо этишинин кыймыл атоочу.

ТОРО *этиш.* Алдынан утуру чыгып жолун тосуу, торгоо. *Алыстан эле ызы-чуу болуп бир топ ит жолубузду тороду* (Абдукаримов). — *Кайда барасың баатыр? — деди Бермет абышкасынын жолун тороп* (Сыдыкбеков).

ТОРОЛ I *этиш.* Өсүү, чоңоюу, өсүп чыңалуу. [*Гүлайым*] *улам убакыт өткөн сайын торолуп, чыңалып, курчуй берди* (Бейшеналиев).

ТОРОЛ II торо этишинин туюк мамилеси.

ТОРОО торо этишинин кыймыл атоочу.

ТОРОПОЙ *зат.* Чочконун баласы. *Тоюп алса боткого, Топчу тумшук торопой Ойноп кетет тойпоңдоп, Энесине жолобой* (Аалы). *Бөжөгүнө коён да өмүр тилейт, Торопоюн чочко да өлбөсө дейт* (Үмөталиев).

ТОРПЕДА *зат.* Суу алдында өзү жүрүүчү жана өзү башкарылуучу снаряд.

ТОРПОК *зат.* 1. Үйдүн алты айдан бир жашка чейинки музоосу. *Акбар торпоктордун сарайын көздөй басты* (Убукеев).

2. Бир жашка чейинки аюунун баласы.

3. *өт.* Эчтеме билбеген наадан, маңкуш. *Бир күнү Орусбек ыйлап келди. — Э, эмне ыйлайсың? — деди атасы. — Окуган балдар мени шылдыңдашат.. — Эмне деп? — Окубаган.. торпок дешет* (Сыдыкбеков).

ТОРПУ *зат.* Тоонун эңкейиш боору. *Торпусуна колхоздор, Түрүлтүп чарба мал жайып* (Калык). *Тоо кыйыктар кара зоонун тескейиндеги көк ала торпуну эзлешип, улактарын эрмектешет* (Аалы).

ТОРСОГОЙ *сын.* Тырсыгый, ичине жел толтуруп үйлөнгөн немедей тоголок тартып турган, торсойгон.

ТОРСОЙ *этиш.* Тоголок тарткан көрүнүштө, капшыты чыгып тырсыйган көрүнүштө болуу. *Торсойгон тору кулун керилген кунан болду* (Аалы). *Жанагы сүзмө салган баштыктай торсойгон Шабыраалы* (Байтемиров).

ТОРСОҢДО *этиш.* Торсойгон көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу.

ТОРСУК *зат.* Көбүнчө кымыз ж. б. суюктуктарды куюп жүрүү үчүн ылайыкталып иштетилген териден жасалган баштык. *Канжыгада торсукту Чечип алды Коңурбай* («Манас»). *Жаман атка жал бутсө жанына торсук байлатпайт* (макал).

ТОРСУЛДА *этиш.* Борсулдоо, борсборс этип үрүү. *Майланбаган жалпак үйгө жеткенде, Үрүп чыкты кара күчүк торсулдап* (Аалы).

ТОРУ *сын.* Кызгылт күрөң түстөгү, куйругу менен жалы кара (жылкынын өңүнө карата). *Таенем мени балпайган чоң курсак тору бээге учкаштырып алып, үйүнө кеч кире келди* (Элебаев).

◆**Кара тору** — өтө эле кара эмес, куба төбөл (кишинин өңү жөнүндө). *Кара тору жигит кирди* (Абдукаримов). [*Бегайым*] *кара торунун сулуусу* (Жантөшев).

ТОС *этиш.* 1. Алдын тороо, жол бербөөгө аракет кылуу, тоскоолдук кылуу, бөгөт болуу; кайруу. *Жылдызкан басып баратса анын алдын тосуп токтотту* (Байтемиров). *Тетиги малды тосуп кой* (Турусбеков).

2. Тоскоол коюу, дубал, тосмо менен курчоо, бөгөт коюу. *Огородду тоскон чычырканак Ышкынаалынын денесин тытат* (Байтемиров). *Арт жакта жепирейген алачыктар Жыртыган жамгыр тосор жери калбай* (Үмөталиев).

3. Карама-каршы кармай берүү, карама-каршы абалга коюу. [*Дмитрий*] *сом темирдин улам бир бетин оонатып, балкага тосо берет* (Сыдыкбеков). *Бетиңди тос*

Ак кагазым, Бермет тамга кадалсын (Нуркамал). *Иса кулагын Бугимовдун оозуна тосту* (Сасыкбаев).

4. Күтүү, күтүп алуу, каршы алуу, кабыл алуу; жолун кароо; алдынан чыгуу. *Ар бир адам кумар болот өзүнчө, Мейман тосуп, аш-тамагын бермекке* (Осмонов).

5. Баланы түзгө отургузуу үчүн кармоо. *Чолпонду тосуп койчу.*

ТОСКОК *зат.* Ундун, көмүрдүн ж. б. нерсенин көзгө илээшпеген эң майда тозоңу, учкуну; чаң. *Деталдуу калыптын кумун экчеп, деталын бир бөлөк, тоскогун бир бөлөк алып жаткан да машина* (Сасыкбаев).

ТОСКООЛ *зат.* 1. Бир жакка өткөрбөс үчүн коюлган тосмо, бөгөт. *Тоолору бийик заңкайып, Тоскоол турат чалкайып* (Үсөнбаев). *Бийиктиктен эчен метр секиришип тоскоолдон чалынбай атташат* (Нуркамал).

2. *өт.* Белгилүү бир максатты ишке ашырууга каршы келген жолтоо, каргаша. *Таалайга эми тоскоол жок; Кучакташ, достор, эсен соо!* (Аалы).

ТОСКООЛДУК *зат.* 1. Өтүүгө жолтоо болгон бөгөт, тоскоол.

2. *өт.* Иштин жүрүшүнө тоскоол болгон жолтоо, себеп.

ТОСМО *зат.* 1. Өткөрбөө, тепсетпөө, коруу максатында тосуп коюлган тоскоол, кашаа.

2. Суу токтотуу, көлмө кылуу максатында жасалган бөгөт. *Тосмонун бери жагындагы жылкылардын ыркы кетип, уйгутуйгу* («Ала-Тоо»).

ТОСМОЛО *этиш.* 1. Тоскоол коюу, тосмо коюу, бөгөө.

2. Алдын тосуп кайруу. [*Кунанды*] *от жерге аргамжылап коюп, уйларды жөө тосмолойт* (Бейшеналиев).

ТОСМОЛОО тосмоло этишинин кыймыл атоочу.

ТОСОТ *зат.* Айдоого алынган анды аңчынын күтүп тосуп туруучу мерчемдүү жайы, орду, буктурма жай. *Тосотко барып туруу. Тосотто отурган мергенчи.*

ТОСОТЧУ *зат.* Тосотто отурган аңчы, мергенчи.

ТОСТ *зат.* Куюлуп турган ичимдикти жутуп жиберүүнү сунуш кылуу менен бирөөнүн урматына жана кандайдыр бир жакшы каалоосун билдирип айтылган кыскача сөз.

ТОСТОГОЙ *сын.* Тостойгон, томпойгон, томпоюп чыгып турган. *Тостогой көз.*

ТОСТОЙ *этиш.* Томпоюп, чанагынан чыга тургансыган көрүнүштө болуу (көз жөнүндө). [*Кайраттын*] *жалжылдаган.. көздөрү айнектей тостоюп чанагынан чыкты* (Бейшеналиев).

ТОСТОЙТ тостой этишинин аркылуу мамилеси.

ТОСТОК *сын.* Тостоюп чыгып турган, тостойгон, тостогой. *Көзү тосток, кулагы узун коён деген ошол* («Жомоктор»). [*Молдо*] *тосток көз чаар киши* (Баялинов).

ТОСТОҢДО *этиш.* Көзүн тостойто алактап же тез кыймылда кароо, чакчандоо.

ТОСТОЮУ тостой этишинин кыймыл атоочу.

ТОСУРАЙ *этиш.* Болпоюп торсойгон көрүнүштө болуу. *Сатай.. тосурайып бердемени ойлогонсуп* [*карап турду*] (Сыдыкбеков). *Тосурайган карагат көз наристе, Дос-душманын ажырата билге элек* (Аалы).

ТОСУРАҢДА *этиш.* Тосурайган көрүнүштө кыймыл-аракетте болуу, томураңтомураң этүү. *О тосураңдаган азаматтарым* (Сыдыкбеков).

ТОСУУ тос этишинин кыймыл атоочу.

ТОСУШ тос этишинин кош мамилеси.

ТОТАЛДЫК *сын.* Жалпы, бардыгын ичине алуучу. *Тоталдык согуш.*

ТОТЕМ *зат.* Кээ бир элдерде уруу башчысы жана анын колдоочусу катарында диний сыйынуу предмети болгон айбан (кээ бир учурларда өсүмдүк ж. б.).

ТОТЕМИЗМ *зат.* Кээ бир элдердин тотемдерге сыйынган дининин формасы.

ТОТУ *зат.* Тропикалык өлкөлөрдө жашоочу жүнү кооз, кээ бир сөздөрдү окшоштуруп кайталоого жөндөмдүү куш. *Тотуну жакшы көрсөткөн, Кубулган турдуу жүн болот* (Осмонкул). *Азем тоту деген бар Адамдын тилин сүйлөгөн* («Манас»).

◆**Тоту куш — тоту** менен бирдей.

ТОТУГУУ тотук менен бирдей.

ТОТУК *этиш.* Күнгө күйүп караюу; шамалдын, сууктун таасиринен кабарып, туурулуп кетүү. *Жайды жайлата эс алышып тотуккан балдардын баарынын көңүлдөрү шат* («Жаш ленинчи»). *Баягы эле жүздөрү суукка тотуккан адамдар* («Ала-Тоо»).

ТОТУКТУР тотук этишинин аркылуу мамилеси.

ТОЧКА *зат.* 1. **чекит** менен бирдей.

2. Ченеми, чеги белгиленбеген белгилүү бир орунду билдирүүчү математикадагы, ошондой эле механикадагы жана физикадагы негизги түшүнүк. *Түз сызыктардын кесилиш точкасы. Таяныч точкасы.*

3. Кандайдыр бир системадагы, тармактагы мейкиндиктеги же бир нерсенин үстүндөгү белгилүү бир пункт, орун. *Соода точкалары. Ок атуу точкасы. Радио точкасы.*

ТОЮН той этишинин өздүк мамилеси.

ТОЮТ *зат.* Малга берилүүчү жем-чөп, силос ж. б. жалпы жыйындысы. *Малдын тоюту. Тоют чөптөр. Чыктуу тоют. Кесек тоют. Тоют даярдоо.*

◆**Чала тоют болуу** — толук тойбоо, жакшы тойбой калуу.

ТОЮТКОР тоют менен бирдей.

ТОЮТТАНДЫР *этиш.* Тоют берип тойгузуу, жем-чөп, азык берип туруу. [*Уйларды*] *зоотехниктин айтуусу боюнча тоюттандырайын* («Кыргызстан аялдары»).

ТОЮТТАНДЫРУУ тоюттандыр этишинин кыймыл атоочу.

ТОЮУ той этишинин кыймыл атоочу.

ТӨБӨ *зат.* 1. Баштын үстүнкү бөлүгү, чоку. *Эрке кыз Жылдызканды кучактап төбөсүнөн жыттады* (Жантөшев). *Док-*

торлор төбөмө дары сүйкөп таңышты (Жантөшев).

2. Кандайдыр бир бийиктиктин, тоонун, үйдүн ж. б. эң үстүнкү бөлүгү, жогору жагы, чокусу, учу. *Караса чоң сааты мунарасында шаңгырап, төбөлөрүндө жылдыз күйгөн кадимки Кремль турат* (Байтемиров). *Командир экөөбүз чокунун.. төбөсүнө чыктык* (Жантөшев).

3. Баш кийимдин кыруусунан жогорку түп жагы, үстүнкү бөлүгү. *Тебетейдин төбөсүн, үкү менен чоктодук* (Жантөшев).

◆ **Төбөсү көккө жетүү** — абдан кубануу, ыраазы болуу, жетине албай калуу. *Алиманын төбөсү көккө жетип, келинине чын ыкластан ыраазы болуп калды* (Абдукаримов). **Төбө чачы тик туруу** — коркуу, эси чыгып кетүү; жүрөк титирерлик сезимде болуу, бүткөн бою дүркүрөө. **Төбөгө көтөрүү** — 1) колунан келген жакшылыгын аябоо, колдоо, абдан сыйлоо. *Колунан келсе мени төбөсүнө көтөргүсү келип турат* (Абдукаримов); 2) ызы-чуу салуу, чуу салуу. [*Какылдак*] *безилдеп кез-кез ачуу-ачуу чыңыргандай болсо, кышкатты төбөсүнө көтөрөт* (Сыдыкбеков). **Төбөсүнөн чыгуу** — дал үстүнөн чыгуу, туура келүү. **Төбөсү менен кудук казуу**— оор эмгек кылуу, азап тартуу. *Төбөм менен кудук казсам да, сизди багууга милдеттүүмүн* (Жантөшев).

ТӨБӨЛ *зат.* 1. Төбө. *Кара төбөл козу.*

2. *өт.* Башкаруучу, бийлик жүргүзүүчү. *Капиталисттик төбөлдөрдүн айбын ачтың, Маскаралап бетине тамга бастың* (Осмонкул).

◆ **Боз төбөл** — төбөсү, жабуусу көөнөрүп, кубарып калган. *Айылдын бери четиндеги шокшойгон боз төбөл үй Шертайдыкы* (Каимов).

ТӨБӨЛӨШ *этиш.* Мушташуу.

ТӨГӨРӨК *сын.* 1. Тегерек. [*Бүбү*] *көмөч сыяктуу төгөрөк бирдемени алып келди* (Абдукаримов). [*Жамийланын*] *балкылдаган төгөрөк жүзүнө ак жоолук эп келише калат* (Айтматов).

2. Айлана, теребел. *Төтөдөн дүрбү салдык биз, Төгөрөктү чалдык биз* («Эр Табылды»).

◆ **Төгөрөктүн төрт бурчу** — туш тараптын бардыгы, бүт дүйнө, аалам. *Мына, биз төгөрөктүн төрт бурчунда эмнелер болуп жатканын үйүбүздө отуруп гана уга беребиз* (Убукеев).

ТӨГӨРӨКТӨ тегеректе менен бирдей.

ТӨГҮЛ төк этишинин туюк мамилеси.

ТӨГҮН *зат.* 1. Жалган, калп, чындык эмес. *Абийирдин окуучулардын демилгесин төгүнгө чыгаргансып олунуп айткан сөзүн* [*Абаз*] *ичинен жактырган жок* (Таштемиров).

2. Бекеринен, жок жерден, негизсиз, тегин. [*Кычанды*] *биздин Павлик деп аташы да төгүндөн чыккан окуя эмес* (Бейшеналиев). *Төгүн жерден өрт чыкпайт* (макал).

ТӨГҮНДӨ *этиш.* Жокко чыгаруу, жалман, калп экенин далилдөө.

ТӨГҮНДӨЛ төгүндө этишинин туюк гамилеси.

ТӨГҮНДӨӨ төгүндө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨГҮНДӨТ төгүндө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨГҮНДӨШ төгүндө этишинин кош мамилеси.

ТӨГҮҮ төк этишинин кыймыл атоочу.

ТӨК *этиш.* 1. Кандайдыр бир суюктукту чачып же шарт куюп жиберүү; жаба куюу; ичиндегисин көңтөрүп же ыргытып таштоо; чачыроого дуушар кылуу.

2. Катуу жаап кирүү. *Фабрикага жеткенде жамгыр төгүп жиберди* (Сасыкбаев).

3. Тапшыруу, төлөө. *Акча төктү. Налог төктү.*

4. *өт.* Коё берүү, абдан күчөтүү, үстөкөбосток демөө, ашып-ташуу. [*Чоко*] *өзүнчө наалып кимгедир каарын төгөт* (Жантөшев). *Ырды төгүп ырдады.*

◆ **Абийирин төгүү** — айбын ачуу, уят кылуу. *Абийирин төкпөй аңшаңдап Ардактасын карыганды* (Шүкүрбеков). **Төкпөй-чачпай айтуу** — эчтемесин калтырбай бүт айтуу. *Даша менен кандайча сүйлөшкөнүн* [*Гаврилов*] *Савельевге төкпөй-чачпай айтып берди* (Сасыкбаев).

ТӨКМӨ *сын.* Күн мурун ойлонуп отурбастан оюнан чыгарып шар ырдап жиберүүчү ырчы. *Төкмө акын. Төкмө ырчы.*

ТӨКӨР *сын.* Аксак, сылтып баскан. *Адам болду деп тигил Абдылда төкөрдүн баласын айткыла* (Сыдыкбеков).

ТӨЛ *зат.* Малдын жаш тукуму. *Алынган төлдөр зоотехникалык эрежелердин негизинде чыгашасыз багылып жатат* («Ленинчил жаш»). *Аскасы металл кен берип, Чарбасы байлык төл берип* (Калык).

◆ **Төл башы** — биринчи, алгачкы. *Колундагы менчигинин төл башын Өкмөтү өз колунан берди эле* (Аалы). **Төл мал** — өз малынын тукуму. *Жээрде кашка Акмандын төл малы* (Сыдыкбеков).

ТӨЛГӨ *зат.* 41 ташты тартып, же башка жол менен келечекте эмне болорун же мурда эмне болгонун болжолдоп айтуучулук. *Баштыкка салып кырк бир таш Кур калбайт төлгө тартчусу* (Осмонкул).

ТӨЛГӨЧҮ *зат.* Төлгө тартуучу, төлгө салуучу. *Шаарда эң укмуштуу келечекти убада кылган олуялардан, төлгөчүлөрдөн, пал ачуучу лөлүлөрдөн башың адашат* (Абдукаримов). *Кошо кетти кожоюп, Төлгөчү Кара Төлөгү* («Манас»).

ТӨЛДӨ *этиш.* Тукумдоо, тукуму өсүү, төл берүү. *Колхоздун малы дүрүлдөп, Төлдөдү салкын төрүндө* (Нуркамал). *Мал кызуу төлдөп жаткан кез* (Нуркамал).

ТӨЛДӨӨ төлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨЛДӨТ төлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨЛӨ I *зат.* Жер кепе, таш короо. *Таштан төлө жасап алып карап отурушат* (Жантөшев). *Мен ушу күнгө чейин жер төлөдөгү чычкандай болуп жашаган экенмин.*

ТӨЛӨ II *этиш.* Сатып алынган нерсе үчүн, пайдалангандыгы үчүн баасын, мүчөлүк акысын, карызды, салыкты ж. б.

берүү; бүлүнгөн, жоголгон нерсенин ордун толтуруу. *Анан сен үчүн Чаргын өз жанынан төлөмөк беле* (Сыдыкбеков). *Карызын төлөп, Маамыт араңдан зорго кутулду* (Жантөшев).

ТӨЛӨМӨР *зат.* Ордуна коюлуучу, төлөнүүчү акы, төлөй турган болуп калуучулук. *Кой төлөмөр болуу.*

ТӨЛӨН төлө этишинин өздүк мамилеси.

ТӨЛӨӨ төлө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨЛӨТ төлө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨЛӨШ төлө этишинин кош мамилеси.

ТӨМӨН *такт.* 1. Ылдый, эңкейиш; өйдөнүн карама-каршысы, ылдый карай. *Алар абдан күнөкөр болгондой төмөн карашты* (Жантөшев). *Мөңкүп агат булагы Өрдөштөн төмөн элирип* (Турусбеков).

2. Начар, жаман, башкалар менен салыштырганда сапаты, жашы ж. б. пас, аз, жеткиликсиз, жетишсиз. *Айбандардан өздөрөөк, Адамдардан көп төмөн* («Эр Төштүк»).

ТӨМӨНДӨ *этиш.* 1. Ылдыйлоо, турган ордунан төмөн түшүү, төмөн карай багыт алуу. *Байыр Сейиттин сөзүнө кулак салбастан, чатыраган аркан менен төмөндөй берди* (Баялинов).

2. Арзандоо, баасы төмөн түшүү; кызмат абалынан ылдыйлоо. *Баасы төмөндөгөн товарлар. Кызматынан төмөндөгөн адам.*

ТӨМӨНДӨН төмөнтөн менен бирдей.

ТӨМӨНДӨӨ төмөндө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨМӨНДӨТ төмөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨМӨНКҮ *такт.* Ылдый жактагы, төмөн жактагы, ылдыйкы. *Төмөнкү имерилиштен бир киши көрүндү* (Жантөшев). *Төмөнкү кечүүнүн оозундагы калың элдин арасынан мылтыктын түтүнү чыккандай болот* («Эр Табылды»).

ТӨМӨНТӨН *такт.* Ылдыйтан, ылдый жактан. *Кайназар төмөнтөн чыгып келе жаткан аттууларга көз салды* (Жантөшев).

ТӨМПӨЙ *этиш.* Түмпүйүү, томпоюп туруу, бөлтөйүп, кабарып туруу, бир аз томпойгон көрүнүштө болуу.

ТӨМПӨЙТ төмпөй этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨМПӨЙҮҮ төмпөй этишинин кыймыл атоочу.

ТӨН *этиш.* Көрүнбөй чөгүп, батып кетүү, көрүнбөй бир нерсенин арасына кирип жок болуп кетүү. *Али да көз алдымда; алыска-алыска төнүп кетип бараткансыды* (Сыдыкбеков). *Тээ көк асманга көзгө илешпес нокоттой төнө торгойлор бежилдеп-чежилдеп чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков).

ТӨНДҮР төн этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨНҮҮ төн этишинин кыймыл атоочу.

ТӨҢКӨР *этиш.* Астын үстү кылып оодарып таштоо, көңтөрүү. *Тоодой болгон Коңурду Төңкөрө сайып турганы* (Маликов).

ТӨҢКӨРҮЛ төңкөр этишинин туюк мамилеси.

ТӨҢКӨРҮҮ төңкөр этишинин кыймыл атоочу.

ТӨҢКӨРҮШ *зат.* 1. Чукул өзгөрүш, жашап турган коомдук-саясий системадагы түп-тамырынан берки өзгөрүш. *Мамлекеттик төңкөрүш.*

2. *эс.* Революция. 1917-*жылы февраль айында төңкөрүш болуп падыша.. тактыдан* [*кулады*] («Эркин тоо»). *Улуу Октябрь төңкөрүшү* («Эркин тоо»).

◆ **Жер-суу төңкөрүшү** — *эс.* жер-суу реформасы. 1927—28-*жылдардагы жер төңкөрүшүндө жер, суу, малынан ажыраган* [*Кулу калпа*] (Жантөшев).

ТӨҢӨЛҮК *зат.* Тогоо, чагарак же ар түрдүү көлөмдөгү тегерек кылып ийилген темир. [*Андрей*] *арабанын дөңгөлөктөрүнүн төңөлүк темирлерин оңдоду* (Байтемиров). *Чор шадыда төңөлүктөй жез шакек Эчак жүргөн серт көрүнүп көзүмө* (Аалы).

ТӨӨ *зат.* Бир же эки өркөчтүү, чөлгө чыдамдуу мал. *Жылкычы болуп бээ бактың, Жылдырып айдап төө бактың* (Тоголок Молдо). *Көрбөгөн төөнү да көрбөйт* (макал). *Төө көп болуп, коноккo сойбойт* (макал).

◆ **Ак төөнүн карды жарылуу** — бышыкчылык маалы болуу, кененчилик, токчулук, бейпил турмуш болуу. *Ак төөнүн карды жарылган берекелүү күз* (Сыдыкбеков). *Баягы согуштун алдында ак төөнүн карды жарылып калды эле го?* («Ала-Тоо»). **Төө куш** *к.* **куш I. Төө куйрук** *к.* **куйрук. Төө тапан** *же* **төө таман**—тикендүү, жазы жалыбрактуу өсүмдүк. *Гүл ачкан төө тапандар жыбырап көрүндү* (Сыдыкбеков). **Төө басты** — бирөөнүн үстүнө башкалары үйүлүп, басып ойноочу оюн. *Сапар бул шок немелер төө басты кылып жүрүштөсүн деп чочулап тура качты* (Бейшеналиев). [*Болбосо*] *төө басты кылып мойнунан ылдый топурак куйсак болот эле* (Сыдыкбеков). **Төөң ак тууду** — иши оңолуу, ойлогону ордунан чыгуу.

ТӨӨМАНТЕК төөметек менен бирдей.

ТӨӨМЕТЕК *зат.* Оюнда уттурган баланын башына чыканакты коюп, ныгыра басып туруп колун тартып алганда, муштум күч менен барып башка тийген сокку. [*Балдардын*] *эптүүсү эпсизинен төөметек, укуй алып жатты* (Жантөшев).

ТӨӨНӨ *этиш.* Төөнөгүч менен кабаттай, капшыра, тепчий сайып бекитүү.

ТӨӨНӨГҮЧ *зат.* Тукул башы уруйган, же бир жагы кооздук үчүн жасалган төөнөп бекитүү үчүн пайдаланылуучу ийне; жаканы, көкүрөктү ж. б. кымтылап же төөнөп бекитип коё турган, көрүнүп турган бет жагы кооздолгон кооздук.

ТӨӨНӨЛ төөнө этишинин туюк мамилеси.

ТӨӨНӨӨ төөнө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨӨНӨТ төөнө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨӨНӨЧ төөнөгүч менен бирдей.

ТӨӨЧҮ *зат.* Төө баккан, төө кайтарган адам. *Менин төөмдү жетелеген төөчүм да ырчы [дейт Корчу]* (Аалы). *Сөлпү Бөрүбаев деген төөчүнү көрсөтүштү* («Советтик Кыргызстан»).

ТӨП *такт.* 1. Так, туура, бардык жагынан толук ылайык. *Кандай акын, кай сүрөтчү Ильичти Төрт жагынан төп келтирип тарта алат* (Аалы). *Бир айткан сөзүн эки айтат, Төп айтпай сөзүн чеки айтат* (Тоголок Молдо).

2. Адилет, ак ниет, туура чынчыл. *Ал митаамдык менен ушактан алыс жүргөн төп киши* (Абдумомунов).

ТӨПӨШ *зат.* Таяктап, уруп коюучулук, токмок. — *Улуу кишинин анча-мынча төпөшүн көтөрбөгөндөй макоо дейсиңби* (Бейшеналиев). *Абдырасулов Осмоновдун оозуна жүз грамм аракты тосо койбогон күнөөсү үчүн төпөш жеп калган* («Чалкан»).

ТӨПӨШТӨ *этиш.* Уруу, сабоо, таяктап коюу, токмоктоп коюу. *Анча-мынча төпөштөп коюу.*

ТӨПӨШТӨӨ төпөштө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨПӨШТӨТ төпөштө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨР *зат.* 1. Боз үйдүн босогосуна карама-каршы бөлүгү, үйдүн түп жагы, жогорку жагы; сыйлуу орун. *Татыбек жамбаштап төрдө жатат* (Байтемиров). *Аманкул төрдө отурган атасынын жанына барып отурду* (Абдукаримов).

2. Бийик тоодогу жайлоо, мал жайыты, тоонун жогорку жагындагы жайыт жер. *Тигил кең төрлөр биздин колхоздун мал жайыты* (Сыдыкбеков). *Өрдөсө малы чыкпаган Төрү сонун Суусамыр* (Барпы).

◆**Эшик-төрүн көрүү** *к.* **эшик. Атасынын төрүндө** — бойго жеткен кыздын же эрден чыгып келген аялдын ата-энесинин үйүндө болгон абалы. *Кайгыда жүрүп өткөздүм Ата төрдө кыз эркин, Ака мен ачылган гүлдөй өмүрдү* («Олжобай менен Кишимжан»). **Төр ага** — *эс.* председатель. *Төр ага Адыл заседаниесин өткөрүп, ага колхоздун активдери бүт чакырылды* (Сыдыкбеков). *Төр ага коңгуроосун шыңгыратып, Кызыган чуулганды араң басты* (Үмөталиев).

ТӨРБӨЛЖҮН *зат. диал.* Шырдак. *Сарагүл эне өзү жасаган төрбөлжүн төрүндө* (Касымбеков).

ТӨРКҮ *сын.* Ички, ичкеридеги, ич жактагы, төр жактагы. *Төркү бөлмө. Төркү отурган — кадырлуу мейман.*

ТӨРКҮЛӨ *этиш.* Кыз күйөөгө чыккандан кийин, өз ата-энесинин үйүнө мейман катарында келип, каалаган малын же буюмун алып кетүү. *Сааракан атасыныкына төркүлөп келгенде Ажар аны көргөн* (Баялинов). *Келин төркүнүнө төркүлөп барды* («Жомоктор»).

ТӨРКҮЛӨТ төркүлө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨРКҮЛӨӨ төркүлө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨРКҮН *зат.* 1. Күйөөгө чыккан кыздын ата-энеси жана башка туугандары. *Апар төркүндөрүн кыдырып күндө бирөөнө конок болду* (Аалы). *Кыздын сыры төркүнгө маалим* (макал).

2. *өт.* Түпкү маани, тек. *Сөз төркүнүн байкас албаган Гүлнар сурай берди* (Сыдыкбеков). *Иштин төркүнү башка жакта экен* (Каимов).

ТӨРКҮНДӨ төркүлө менен бирдей.

ТӨРКҮНСӨӨК *сын.* Төркүнчүл, төркүнүнө көбүрөөк барып турганды жакшы көргөн.

ТӨРКҮНСҮ *этиш.* Төркүнү катарында көрүү, төркүн деп эсептөө. *Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт* (макал).

ТӨРКҮНСҮН төркүнсү менен бирдей.

ТӨРКҮНЧҮЛ *сын.* Өз ата-энеси тарапка көбүрөөк тарткан; төркүнүнө абдан жакын. *Жаман инек музоочул, жаман катын төркүнчүл* (макал).

ТӨРӨ I *зат.* 1. Колунда бийлиги бар ак сөөк адам, кадырлуу мырза, башкалар анын сөзүнө баш ийген кадырман, баатыр. *Төрө Манас баатырдын Балбандыгы эмей неткени* («Манас»). *Эр Табылды төрөбүз, Оозуңдан чыккан сөзүңдү Нур жаагандай көрөбүз* («Эр Табылды»).

2. *тар.* Чиновник, господин. *Большевик туу көтөрдү ай ааламга, Надыша, төрөлөрү кетти качып* (Тоголок Молдо). *Атыңды токой төрө минип жүрүп, Жоор кылып акырында өлтүрүптүр* (Үмөталиев). *Төрөнү төрө дебесмин, Төбөмдөн басып урса да* (Токтогул). *Жетилбей селки жем болуп Бай, манап, төрө-кызгунга* (Нуркамал).

2. *өт.* Эң мыктысы, кадырлуусу. *Ургаачынын төрөсү, Тогуз уулдун энеси* («Эр Төштүк»). *Куш төрөсү буудайык* (Барпы).

ТӨРӨ II *этиш.* Боюнан бошонуу, бала көрүү. *Оморду да өзүндөй эле эне төрөгөн* (Сыдыкбеков). *Эр төрөгөн эне өлбөйт* (макал). *Жаш төрөгөн аял. Экини төрөгөн аял.*

ТӨРӨЛ төрө этишинин туюк мамилеси.

ТӨРӨӨ төрө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨРӨСҮ төрөсүн менен бирдей.

ТӨРӨСҮН *этиш.* Өзүн төрө катарында көрсөтүүгө аракет кылуу, керилип-чоюлган төрө киши катарында көрсөтүүгө тырышуу. *Төшөктөсүң көөнүң жай, Төрөсүнүп чоюлбай, Таанысасың баш көтөр* («Олжобай менен Кишимжан»).

ТӨРӨТ I *зат.* Төрөө процесси, төрөлүү процесси. *Бүбүнүн төрөтү жеңил болду.* (Сыдыкбеков).

◆**Төрөт үйү** — төрөө мезгилинде врачтык жардам көрсөтүү үчүн ылайыкталган үй. **Төрөттөн калуу** — төрөбөй калуу.

ТӨРӨТ II төрө этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨРСӨЙ *этиш.* Тоголок тартып дөмпөйүп туруу, бөрсөйүп чыгып туруу.

ТӨРСӨЙТ төрсөй этишинин аркылуу мамилеси.

ТӨРСӨЙҮҮ төрсөй этишинин кыймыл атоочу.

ТӨРТ *сан.* 4 саны, эсеби. *Төрт бала ойноп турушкан* (Сыдыкбеков). *Төрт ка-*

баттан үй салып, Түгөл баары орноду (Осмонкул). *Ошондон бери Барпы төрт жолу шаарга барды* (Байтемиров).

◆**Төрт түлүк** *к.* **түлүк. Төрт чарчы** — бардык жактары бирдей келген, төрт бурчтук формасындагы. [*Зарыл*] *төрт чарчы актын четин кызыл жибек жип учуктаган ийнеси менен илип, тез-тез саят* (Сыдыкбеков). **Эки көзү төрт болуу** *к.* **эки. Өлбөгөн төрт шыйрагы калуу** *к.* **шыйрак.**

ТӨРТКҮЛ *зат.* Төрт бурч; төрт бурчтук.

ТӨРТӨӨ *сан.* Төрттүн жамдама сан атоочу. *Берки төртөө жикийишет үңүлүп* (Аалы). *Токтогул, Курман, Жаңыбай, Турабыз ушул төртөөбүз* (Токтогул).

ТӨРТҮНЧҮ *сан.* Төрттүн иреттик саны. *Төртүнчү класс. Төртүнчү катар.*

ТӨТӨ *сын.* Кыска, туура, жакын. *Курмандын үйүнүн тушунан түшө калалы деп, төтө жолго салдык* («Ала-Тоо»).

ТӨТӨГӨ *зат.* Боз үйдүн сыртынан үзүгүнүн этек жагын бастыра тартылуучу, кызыл менен актан оюп, чачык тагып жасалган жасалга. *Төкмө чачык төтөгө Төгүлтүп салган үйүнө* (Тоголок Молдо). *Үзүк этегине кырка тартылган төтөгө, кылдырооч* (Жантөшев).

ТӨТӨЛӨ *этиш.* Кыска, туура, жакын жолго салуу, кыскасына салуу. *Атан төөнү жетелеп, Адыр жолун төтөлөп* (Тоголок Молдо). *Төтөлөп айтсак кай жакта, Жакынбы сиздин элиңиз?* («Мендирман»).

ТӨТӨЛӨӨ төтөлө этишинин кыймыл атоочу.

ТӨХ *сырд.* Өкүнүчтү билдирүүдө колдонулат. *Ах! Төх! Дагы жаңылыптыр уста. Эми таптакыр чодоюп кыска* (Борбугулов).

ТӨШ *зат.* 1. Денеңин курсактан моюнга чейинки алды жак бөлүгү. *Койдун төшү. Төш чөнтөк. Карчыга басып үкүнү Оюп кирди төшүнөн* (Тоголок Молдо). *Экөө тең дудукча төштөрүн кагып обдулушат* (Бейшеналиев).

2. Тоонун боору, тоо бетинин жогорураак жагы. *Айылдын жогору жагындагы чалкалама төштө ыңкыган койлор* («Жаш ленинчи»). *Жолойдун көөнүн жай кылып, Калың кол менен Жолойду Төшкө таяп салды дейт* («Манас»). *Жапар төштөгү эгиндерди кыдырып көрүп, кайра жакага келе жаткан кези болучу* (Баялинов).

◆**Төш жары** — кулачтын жарымы. *Көкө үзүндүгү төш жары* [*келген*] *эки келтек жасады* (Касымбеков).

ТӨШӨ *этиш.* Жазып салуу, бир нерсенин үстүнө тизип, тегиздеп коюу. *Бурма эшиктин алдындагы супага кийиз төшөду* (Каимов). *Таш төшөгөн көчө. Асфальт төшөгөн аянтча.*

ТӨШӨК *зат.* 1. Төшөнчү салып ылайыкталган орун, жай. [*Жылдызкан*] *ордунан акырын туруп, төшөк салууга камынды* (Байтемиров). [*Осип*] *төшөктө жатып күлүмсүрөп кубанды* (Сасыкбаев). *Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт* (макал).

2. Жерге отурган адамдардын астына салууга ылайыкталып кабып жасалган, эни тайкы, узунча төшөнчү, көрпө. *Шайы төшөккө бутту сунуп жиберип, господин Бугимов жатты* (Сасыкбаев). *Шарип чуркап барып бурчтагы узун курак төшөктү жая салды* (Бейшеналиев).

◆**Төшөк тартуу** — ооруп жатып калуу. *Мен төшөк тартып жатканыма бүгүн беш күн болду* (Жантөшев). *Карылык жетип бир жактан, Төшөк тартып ооруптур* («Мендирман»). **Төшөк жаңыртуу** — экинчи жолу үйлөнүү, жаңы аял алуу. **Төшөк талашуу** — кызды күйөөгө жөнөтөр алдында күйөө тараптан белек талап кылуу максатындагы оюн-зоок. **Төшөк салар** — кыз бергенде күйөө-кыздын төшөгүн салганы үчүн кыздын женесине берилүүчү сыйлык, белек. *Женкетайды, эшик ачарды, төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев).

ТӨШӨЛ төшө этишинин туюк мамилеси.

ТӨШӨН төшө этишинин өздүк мамилеси.

ТӨШӨНЧҮ *зат.* Төшөнүү, жамынуу үчүн колдонулуучу жууркан-төшөктөр. *Бүбүш шашып-бушуп төшөнчүсүн жыйды да сыртка чыкты* («Ала-Тоо»). *Эки аял балдардын ороо-чулгоо, төшөнчүлөрүн иреттеп жаткан экен* (Убукеев). [*Мандикерлер жатуучу барактарда*] *эски одеялдан башка эч кандай төшөнчү жок* (Абдукаримов).

ТӨШӨӨ төшө этишинин кыймыл атоочу.

ТРАГЕДИЯ *зат.* 1. Ички катуу күрөш, кагылышуулар, адамдын ички күчтүү сезимин, коомдогу катастрофаны көрсөткөн, аягы көбүнчө каармандын өлүмү менен бүтүүчү драмалык чыгарма.

2. Чоң кайгы, апат.

ТРАГЕДИЯЛУУ *сын.* Трагедиясы бар, кайгылуу. *Кычан күтүлбөгөн трагедиялуу окуяны жай, токтоо, баштан аяк түгөл айтып берди* (Бейшеналиев).

ТРАГЕДИЯЛЫК трагедиялуу менен бирдей.

ТРАДИЦИЯ *зат.* Салт, көндүм болуп кеткен адат. *Жакшы традиция. Элдик традиция. Традиция болуп кетүү.*

ТРАЕКТОРИЯ *зат.* Кандайдыр бир учуп бараткан телонун же точканын мейкиндикте тарткан жолу; учуп бара жаткан октун же снаряддын басып өткөн жолу.

ТРАЙКЕ *зат.* Кебезден токулган тыш кийимдик кездеме. *Шарип менен Сапар чыт трайке алышты* (Бейшеналиев). [*Кулң калпанын*] *үстүндө пахтасын жукараак салдырып жаситкан кара трайке бешмант* (Жантөшев).

ТРАКТ *зат.* Чоң даңгыр жол, негизги чоң жол. *Ош-Памир трактасы.*

ТРАКТОР *зат.* Сеялка, культиватор, соко сыяктуу айыл чарба шаймандарын ж. б. чиркеп сүйрөөчү машина. *Дөңгөлөктүү трактор. Гусеницалуу трактор.*

ТРАКТОРИСТ *зат.* Трактор айдаган адам, тракторчу. *Кел аба кайра баштап күрөшөм дейт, Караса тракторист чоң Батмажан* (Осмонов). *Жатыптыр трактористтер тамактан соң Жай жели жан сергитет кырда жорткон* (Абдыраманов).

ТРАКТОРЧУ тракторист менен бирдей.

ТРАМВАЙ *зат.* Электр менен жүрүүчү шаардык темир жол, ошол темир жолдун вагону же бир нече вагондон турган поезди. *Трамвай, автомобилдер бака-шака түшүп, каршы-терши жүрүп жатат* (Баялинов). *Алдымдагы талбас тулпар трамвай, Айландырды Москваны дем албай* (Шамшиев).

ТРАМПЛИН *зат. спорт.* Секиргенде түрткү болуп жана секириктин узундугун же бийиктигин чоңойтууга жардам берүү үчүн ылайыкталып жасалган атайын орун, жай. *Трамплинден сууга секирип түшүү. Лыжалык трамплин.*

ТРАНЗИТ *зат.* Товарларды же жүргүнчүлөрдү бир өлкөдөн экинчи өлкөгө алардын ортосундагы үчүнчү бир өлкө аркылуу же бир пункттан экинчи пунктка алардын ортосундагы башка пункттар аркылуу ташып жеткирүүчүлүк.

ТРАНСКРИПЦИЯ *зат. линг.* Кандайдыр бир тилдин тыбыштарын так берүү же ошол тилдин жазуу системасынан айырмаланган диалектилерди тамгалар, шарттуу белгилер менен так берүү жана ушундай белгилердин белгилүү бир системасы.

ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ *зат. линг.* Бир тилдин жазуу тамгаларын башка бир тилдин жазуу тамгалары менен берүүчүлүк.

ТРАНСЛЯЦИЯ *зат.* Сөздү, музыканы ж. б. экинчи бир алыстыктагы аралыкка радио аркылуу берүүчүлүк.

ТРАНСПАРАНТ *зат.* 1. Бетинде сүрөт же жазуусу бар рамага керилген кездеме же кагаз.

2. Сызыксыз кагазга жазганда астындагы сызыктары билинип жазуу саптары түз болуш үчүн анын астына коюлуучу сызыктуу калың барак кагаз.

ТРАНСПОРТ *зат.* Эл чарбасынын жүргүнчүлөр менен жүктөрдү ташууга байланыштуу болгон тармагы, ошондой эле ташуу каражаттарынын ар кандай түрлөрү. *Шаардын калкын транспорт менен тейлөө алда канча жакшырды* («Коммунист»). *Автомобиль транспорту. Темир жол транспорту.*

ТРАНСПОРТЁР *зат.* Жүктөрдү ташуу, экинчи бир аралыкка жеткирүү үчүн ылайыкталган түзүлүш; конвейер.

ТРАНСПОРТТУК *сын.* Транспортко таандык. *Транспорттук каражаттар. Транспорттук чыгымдар.*

ТРАНСФОРМАТОР *зат.* Электрдин өзгөрүлмө тогунун күчүн көтөрүү же басаңдатуу үчүн колдонулуучу аппарат.

ТРАНШЕЯ *зат.* 1. Коргонуу позициясынын ок атуу точкаларынын бардыгын туташ бир сызыкка бириктирип турган кууш, терең чуңкур. *Душмандар дөңсөө жерлерди бүт эзелешип, кырка кырга траншея казып бекемдешиптир* (Касымбеков).

2. Бир нерсени сактоо, салып коюу ж. б. үчүн пайдаланылуучу аң, чуңкур. *Силос ачытылган траншея.*

ТРАП *зат.* Пароходго, самолётко ж. б. кирип жана чыгуу үчүн, көтөрүлүп же түшүү үчүн ылайыкталган тепкич.

ТРАПЕЦИЯ *зат.* 1. Эки жагы параллелдүү төрт бурчтук.

2. Эки жипке илинген гимнастикалык прибор.

ТРАССА *зат.* 1. Кыймылдын, жолдун, каналдын ж. б. картада же жер бетинде белгиленген багыты: калтырылган же белгилүү болуп калган из. *Жаңы каналдын трассасы. Жаңы трасса боюнча жол салуу. Жарык кылуучу октун трассасы.*

2. Жол. *Автомобиль трассасы.*

ТРАФАРЕТ *зат.* 1. Бир нерсенин бетине түшүрүлө турган түрдүн, көчөттүн орду оюлуп жасалган пластинка, кагаз ж. б.

2. *өт.* Ойлонуп отурбастан орундата берүүчү, мурдагылардын изи менен кетүүчү өнөкөт иш. *Темаларың белгилүү болуп турат. Баары абстрактуу, трафарет.. деп* [*Узаков*] *Шариптин колуна дептерин кайра карматтты* (Бейшеналиев).

ТРАХОМА *зат. мед.* Көздүн жугуштуу оорусу. *Трахома эң эле коркунучтуу.*

ТРАШМАНКЕ *зат.* Төрт дөңгөлөктүү, киши түшүүчү жеңил араба. (*Мурун*) *бекеттер ортосунда эки же үч ат чеккен, доголоруна коңгуроо таккан почтолор, трашманкелер жүрүп турчу* (Сасыкбаев).

ТРЕВОГА *зат.* Коркунучтуу абал, коркунуч жана ошондой коркунуч жөнүндө кабар берген сигнал. *Аба тревогасы. Тревога берилди.*

ТРЕК *зат. спорт.* Велосипедде жарышуу га же башка жарыштарга арналган айланма жол.

ТРЕНЕР *зат.* Машыгууга жетекчилик кылуучу киши (мис., спортто).

ТРЕСТ *зат. эк.* 1. Бир тармактагы бир нече ишканаңын бирикмеси жана ушундай бирикменин борбордоштурулган башкармасы, аппараты.

2. Өндүрүштүк операцияларды жана сатуу иштерин борбордоштуруу жолу менен үстөк пайда алуу максатын көздөгөн, коммерциялык жана өндүрүштүк өз алдынчалыгын жоготуу менен мүнөздөлүүчү капиталисттик монополиянын формаларынын бири.

ТРИБУНА *зат.* 1. Оратор чыгып сүйлөөчү секиче. *КПСС БКнын Июнь Пленумунун трибунасынан Валентина Гаганова сүйлөдү* («Коммунист»).

2. Стадиондордо, аянттарда эл көрүүчүлөр үчүн же парадды кабыл алуучу, демонстрацияны куттуктоочу адамдарга арналып көтөрүңкү салынган жай. *Стадиондун трибунасы. Ипподромдун трибунасы.*

ТРИБУНАЛ *зат. юр.* Согуштук жана айрыкча оор граждандык кылмыштарды караоочу чукул чакырылган атайын сот органы. *Согуштук трибунал. Революциялык трибунал.*

ТРИГОНОМЕТРИЯ *зат.* Геометриянын үч бурчтуктун жактары менен бурчтарынын ортосундагы ара катыштарды үйрөнүүчү бөлүмү.

ТРИЕР *зат.* Эгинди сорттоочу жана тазалоочу айыл-чарба машинасы. *Бир келин триерди айлантып, бири чакалап буудай*

куюп [*жатат*] (Сыдыкбеков). *Триерди тегеректеп канчасы Кубанышат машинага жаңаша* (Аалы).

ТРИКО *зат.* Түр салып жүндөн токулган сырт кийимдик кездеме. [*Алыбектин*] *боз трико менен тыштаган ичигинин эки этеги далбырттап, белдеги курду үзүп төмөн карай учуучудай көрүнөт* (Жантөшев).

ТРИКОТАЖ *зат.* 1. Машина менен согулган кездеме. *Туюк токулган, ийи майда трикотаж боёктуу ысык сууга чыланып, алкакка түрүлүп жатты* (Сасыкбаев). *Фабрикада иштейимин, Трикотаж чыгарам,Иштөө ыгын издеймин, Бекер эмес убарам* (Үмөталиев).

2. Ошондой кездемеден жасалган фуфайка, джемпер ж. б. буюмдардын жалпы аты.

ТРИЛЛИОН *зат.* Миң миллиардга тең сан.

ТРИЛОГИЯ *зат.* Бир автордун идеясы жагынан жалпы жана сюжети бир-бирinин улаңысы катарында кеткен үч адабий же музыкалык чыгармасы. «*Манас*» *трилогиясы.*

ТРИО *зат.* 1. Үч үнгө же үч музыкалык инструмейтке арналган ар кимисинин өз партиясы болгон музыкалык чыгарма.

2. *муз.* Үч аткаруучудан (ырчылардан же музыканттардан) турган ансамбль.

ТРИУМФ *зат.* 1. *тар.* Байыркы Римде жеңип чыккан полководецтин шандуу түрдө борбор шаарга кириши.

2. Чоң жеңиштин, ийгиликтин урматына арналган салтанат, чоң жеңиш, эң сонун ийгилик. *Космос ракетасын ийгиликтүү учуруу советтик илим менен техниканын триумфу болду* («Коммунист»).

ТРОЛЛЕЙБУС *зат.* Электр кубаты менен жүрүүчү көп кишилик пассажир машинасы, шаардык транспорттун рельсасыз электр менен жүрүүчү бир түрү.

ТРОПИК *зат.* 1. Экватор менен жарыш турган жана андан түндүккө же түштүккө 23° 27′ алыстыктагы жер шарынын бетиндеги элестетилген эки тегеректин бири. *Рак тропиги* (экватордон түндүк жактагы тропик). *Козерог тропиги* (экватордон түштүк жактагы тропик).

2. Ошол тегеректердин ортосунда, экватордун эки жагына жайлашкан жер шарынын ысык аймагы.

ТРОТУАР *зат.* Көчөнүн, аянттын эки жагында көбүнчө бир аз көтөрүңкү жасалган (таш, плита, асфальт ж. б. төшөлгөн) жөө кишилер жүрүүчү жол. *Тротуардын эки четиндеги бак-даректар асфальттуу көчөгө салкындык* [*берет*] (Бейшеналиев).

ТРУБА *зат.* Ичи көндөй көбүнчө суюк, буу, газ ж. б. агызуу, жүргүзүү, өткөрүү үчүн колдонулуучу түтүк, керней. *Суу трубасы. Канализация трубасы.*

ТРУБКА *зат.* Телефон аппараттарынын түздөн-түз угуу жана сүйлөө үчүн кызмат кылуучу бөлүгү. — *Түшүндүм! Кыскарт эми! — деди Курманов трубканы үйлөп* (Баялинов).

ТРУБОПРОВОД *зат.* Суюктукту, бууну же газды аралыкка берүү үчүн жасалган трубалардын тиешелүү жабдуулары (чорго, тээк ж. б.) коюлган үзгүлтүксүз тизмеги.

ТРУППА *зат.* Театрдын же цирктин артисттеринин коллективи. *Опералык труппа. Балеттик труппа.*

ТРУСЫ *зат.* Көбүнчө сатинден тигилүүчү спорттук кыска дамбал, ошондой эле аялдар менен эркектердин ошол түрдөгү жайкы ич кийими. *Жамалбек трусычан болуп... тоокторго жем чачып жүргөн* (Қаимов).

ТУАЛЕТ *зат.* Көпчүлүк жердеги, үйдөгү дараткана.

ТУБАР I *зат.* Гүлдүү жибек кездеменин бир сорту. *Жашыл тубар көйнөктүн этегин үзөңгүгө карай булактатып, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев).

ТУБАР II *сын.* Төлдөй турган, тууй турган (малга карата). *Тубар уй. Тубар кой.*

ТУБАСА *сын.* Жаралгандан берки, туулгандан берки, табигый, жасалма эмес. *Шарийпа деген оң буту тубаса тетири бүткөн, өңү серт, жашы кырктарга барган аял* (Байтемиров). *Көчөрбайдын тубаса бир кулагы мулук болгон* (Тоголок Молдо).

ТУБЕРКУЛЁЗ *зат.* Учук, учук оорусу. *Өпкөсүнөн туберкулёз болгондор Айыгарга айла таптым врачтан* (Акаев). *Далысына жыйылган тону туберкулёздон бүкүр болгон баланын элесин келтирди* (Аалы).

ТУЖУРКА *зат.* Эки жагына тең топчулама, үйдө кийилүүчү же форма катарында кийилүүчү кыска күрмө. [*Сапарбектин*] *үстүндө.. эски кара тужуркасы бар* (Элебаев).

ТУЗ I *зат.* Мүнөздүү ачуу даамы бар, тамакка татылуучу, кристалл түрүндөгү зат. *Бир тоонун баары бүтүн туз, Кайберендер кемирген* (Токтогул). *Түздү өлчөп татытсаң, ашыңда даам болот* (Сыдыкбеков).

◆**Туз татуу** — тамактануу, конок болуу, даам татуу. *Кайрылып келип туз таттың Калың кыргыз тобуңдан* (Қалык). **Тузун актоо** — бирөөнүн кылган жакшылыгын актоо, акысын кайтаруу. *Далай сөздү таратып, Талант тузун актадың* (Тоголок Молдо). **Тузуна кара саноо** — жакшылык кылган адамга жамандык жасоо. *Тузуңа кара санасам, Туулгандан эки болбоюн* (Токтогул). **Туз буйруу** — даам татуу, тагдырына туура келүү. **Туз урсун**— жакшы мамиледе, дос болуп жүрүп жамандык иш кылган адамга карата айтылган каргыш. *Жаңылып кетсем көкустан, Жаш башымды туз урсун* (Токтогул). *Жалган айтып мен келсем, Колуңдан берген туз урсун* («Эр Табылды»).

ТУЗ II *зат.* Ойноочу картанын ичиндеги эң чоңу. *Карганын тузу. Ачанын тузу.*

ТУЗАК *зат.* 1. Қанаттууларды жана майда жаныбарларды кармоо үчүн кылдан же башка нерседен сыйыртмак кылып жасалган илмек, кылтак. [*Каныбек*] *күн-*

гөй тараптагы тузак тарткан жерине карай басты (Жантөшев). *Мен бир мусапыр ырчы, Уларга тузак тарттым эле* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Алдап бирөөнү колго түшүрүү максатындагы амал, айлалуу аракет. *Атаэнемдин сөзүн кыя албай жүрүп, ушул өңдүү тузакка чалындым* (Абдукаримов).

◆ **Таман тузак** — 1) жылкынын бутуна сала коюп кармоо үчүн жасалган сыйыртмак. *Тартылбайбы айласыз Таман тузак арканга* (Тоголок Молдо). 2) *өт.* бирөөгө кылган кастык, душмандык аракет, амал. *Билсең, бул, бизге коюлган таман тузак [деди Айгүл]. Же бир шумдук үчүн таман тузак тартып жатабы?* (Жантөшев).

ТУЗАКТА *этиш.* 1. Тузак тартып, тузак коюп кармоо.

2. *өт.* Амал, айла менен колго түшүрүү, кандайдыр бир ишке илештирүү. *Бириңди бирге ушактайт, Билгизбей туруп тузактайт* (Осмонов).

ТУЗАКТАЛ тузакта этишинин түюк мамилеси.

ТУЗАКТАТ тузакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЗАКТОО тузакта этишинин кыймыл атоочу.

ТУЗАКЧЫ *зат.* Тузак тартуучу, тузак коюучу адам. — *Бар, бириң чаап барып айылдагы тузакчылардын тузактарын жыйнатып келгиле* (Жантөшев).

ТУЗДА *этиш.* Туз себүү (мис., этке); туздуу сууга чылап даярдоо. [*Ашыр*] *туздаган бадыраң таап келди* (Сасыкбаев).

ТУЗДАЛ тузда этишинин түюк мамилеси.

ТУЗДАТ тузда этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЗДАШ *сын.* Бирге ичип, бирге жеп жүргөн, даамдаш. *Эми туздаш болуп отурабыз* (Жантөшев). *Кырк жигитим туздашым! Кыйноодо турат бир башым* («Курманбек»).

ТУЗДОО тузда этишинин кыймыл атоочу.

ТУЗДУК *зат. кул.* 1. Камыр жууруш үчүн даярдалган туздуу суу.

2. Куйрук-боор кылганда аны малып жеш үчүн тузду ачуураак салып даярдаган шорпо.

ТУЗДУУ *сын.* Тузу бар; тузу өтүшүп кеткен; туздалган. *Туздуу суу Туздуу сорпо. Туздуу эт.*

ТУЙ *этиш.* 1. Сезүү, билүү, сезип билип калуу. *Аңгыча артымдан жакындап келатканыңды түйдүм* («Ала-Тоо»).

2. Түшүнүү, сезимине жетүү.

ТУЙГУ I *зат.* Сезим, туюнуучулук, сезгичтик. *Эңгилчектин аңкыган кычкыл жыттары Токтогулдун туйгу-сезимдерин сергитип жиберди* (Аалы).

ТУЙГУ II: уйгу-туйгу *к.* **уйгу.**

ТУЙГУЗ туйдур менен бирдей.

ТУЙДУР туй этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЙГУН I *зат.* 1. Алгыр, кыраан ак куш. *Куш төрөсү туйгун дейт, Туйгундан кийин тунжур дейт* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Мыкты, даанышман. *Туйгун эле улуу Ленин даанышман, Туулгандан эзгич менен кагышкан* (Үмөталиев). *Сүйлөтүп комуз күүлөгөн, Туйгун Током аманбы?* (Тоголок Молдо).

ТУЙГУН II *сын.* Тынч, бейпил. *Туйгун жаткан эл чаптым, Турпандан эчен олжо алдым* («Эр Табылды»).

ТУЙЛА *этиш.* 1. Ойноктоо, тынч турбай тыбырчылоо. *Жылкынын көркүн чыгарып Туйлаган кулун, тай берет* (Аалы). *Аз эле күндүн ичинде, Арык мал туйлап семирген* (Үсөнбаев). *Чабагы четте суурулуп, Балыгы тайдай туйлаган* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Атырылуу, ала салып өркөчтөнүү. (мис., суунун агышы). *Баягы туйлап аккан суусун бойлоп, Балчыктан там салышып жүргөн ойноп* (Турусбеков). *Түш-түшунан тунук суулар туйлаган, Кеңдигинен көрбөн чуусун туйбаган* (Аалы).

3. *өт.* Чычалоо, сөз көтөрө албоо. *Кемчиликти бетиңе айтса, Туйлаганды сен койсоң* (Маликов).

◆ **Жүрөк туйлоо** — жүрөк катуу согуу, болкулдай согуу. *Карап туруп жаш балдай эзилип, оюм ойноп, жүрөк туйлап кубанат* (Аалы).

ТУЙЛАТ туйла этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЙЛОО туйла этишинин кыймыл атоочу.

ТУЙТУН *этиш.* Кең-кесири карк болуу, толук жетиштүү болуу. *Татынакай бышырылган койдун этине туйтунду да калышты* (Жантөшев). *Таш көмүр чыкканы отунга туйтундук.*

ТУЙТУҢДУР туйтун этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЙТУНТ туйтундур менен бирдей.

ТУЙТУНУУ туйтун этишинин кыймыл атоочу.

ТУЙТУҢ: туйтуң-туйтуң этүү — жактырбагандыгын, таарынгандыгын билдирип жоп бербей, сүйлөшпөй бултуң-бултуң этүү (мис., бала). *Антип жооткотпой эле коюңуз дегенсип туйтуң эткен Динар көйнөкчөн турган калыбында чечкиндүү басып, эшикти бек жаап чыгып кетти* (Сыдыкбеков).

ТУЙТУҢДА *этиш.* Туйтуң-туйтуң этүү.

ТУЙТУҢДАТ туйтуңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЙТУҢДАШ туйтуңда этишинин кош мамилеси.

ТУЙТУҢДОО туйтуңда этишинин кыймыл атоочу.

ТУК I: тук-тук *туур.* Эшикти каккандагыдай, тыкылдаткандай чыккан күңүрт дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ТУК II: тук этүү — чымчым этип алуу, бир аз уктоо, куш уйку салуу, көз илиндирип алуу. *Бир аз тук этип алалык* (Сасыкбаев).

ТУКАБА *зат.* Баркыттын түгүнө караганда бир аз узунураак, жумшак түгү бар жалтырак түстөгү кездеме. *Кара тукаба. Кызыл тукаба. Эндүү тукаба. Тукаба күрмө.*

ТУКТАМАЛ *такт.* Кокусунан, күтүүсүздөн. *Туктамал келдик үстүңө, Төрө күйөө аманбы?* («Семетей»).

ТУКУЛ *сын.* Учтуу, кырдуу эмес, дүмүрөйгөн. *Виктор.. тукул карандашы менен*

бирдемелерди чие баштады (Сасыкбаев). [*Самсахун*] *тукул кырктырган көк ала сакалын сылап койду* (Жантөшев).

ТУКУЛЖУ тукулжура менен бирдей.

ТУКУЛЖУРА *этиш.* Жедеп ал-күчү кетүү, айласы түгөнүү, жоктуктан каржалуу, такыр жок абалга жетүү. *Тууганы тукулжурап кыңылдашса, Айласыз ач бүлөөр бетин басты* (Аалы). *Туугап эл тукулжурап нан сурады* (Аалы).

ТУКУЛЖУРАТ тукулжура этишинин аркылуу мамилеси.

ТУКУЛЖУРОО тукулжура этишинин кыймыл атоочу.

ТУКУМ *зат.* 1. Үрөн, урукка арналган дан. *Машина толуп кыштакта Мейкинге тукум себүүдө* (Бөкөнбаев). *Кабылан Манас чырагым, Кочуштап тукум чачалы* («Манас»).

2. Бир атадан тараган балдар, неберелер, урук-жураат, кийинки муундар, тек. *Балдары сыман болуп, тукуму өсүп, Кант, шекер, бал татысын ичкен чайы* (Осмонов). *Түлкүдөн калган бир тукум, Бу да туяк турбайбы* (Тоголок Молдо). *Кээде эсептеп отуруп биздин тукумду отузга жеткизем* (Сыдыкбеков).

3. Малдын төлү; төлдөтүп алуу үчүн арналган мал. *Эгерде асылданса мал тукуму, Калбайт дейм кең Арымда эч бир айып* (Бөкөнбаев). *Бей-бечара жетимге, Ар түрдүү тукум мал берип* («Эр Табылды»).

4. Жалпы эле жан-жаныбарлардын таралган уругу, теги. *Бул өрдөктөрдүн тукумун соолтмоюнча кетпейм* (Жантөшев). *Ай оңбогон чымын, Тукумун үзгүлө мунун* (Шүкүрбеков).

5. *диал.* Жумуртка.

◆**Асыл тукум** *к.* **асыл II. Тукум курут кылуу** — тукумунун бирин да калтырбай жок кылуу, бүт тукуму менен жок кылуу. *Карышкырларды тукум курут кылса сонун болбос беле, атаганат* (Сыдыкбеков). *Барып берип калмакка, Тукум курут кылбаган* («Манас»).

ТУКУМДА *этиш.* Тукуму көбөйүү, тукуму өсүү. *Тукумумдан тукумдап, Жүзгө жетти тууганым* (Аалы). *Төрт түлүк мал чыгашасыз тукумдап, Социалга сансапаты бурулду* (Калык).

ТУКУМДАТ тукумда этишинин аркылуу мамилеси.

ТУКУМДОО тукумда этишинин кыймыл атоочу.

ТУКУМДУК *сын.* Үрөнгө арналган, үрөндүк. *Өткөрүп ал* [*буудайды*] *Бир бөлөк сал — Тукумдугун ар жакка* (Нуркамал). *Тукумдук эгин сатып алышты* (Жантөшев).

ТУКУМДУУ *сын.* Тукуму көп.

ТУКУР I *сын.* Чобур, карапайым, кара жумушка чыдамдуу (ат жөнүндө). *Тукур ат.*

ТУКУР II *этиш.* 1. **Айдактоо.** [*Алыбек*] *үч кара итин тукура, ийиндеги мылтыгын ала койду* (Жантөшев).

2. *өт.* **Бирөөгө каршы көкүтүү, кайраштыруу,** колтугуна суу бүркүү.

ТУКУРУУ тукур этишинин кыймыл атоочу.

ТУЛ *зат.* 1. *этн.* Эри өлгөн аял эринин кебетесине окшоштуруп жасап, өлгөн күйөөсүнүн чапанын жаап, үстүнө анын баш киймин коюп, көшөгө тартып, бурчта отургузуп ашын бергиче сактоочу сөлөкөт.

2. Ээси өлгөн боз үйдүн түндүгүнөн чыгарып же үйдүн оң босогосуна байлап коюучу кара чүпүрөк же куйрук. *Кээ бир үйдүн үстүнө Тулу неге салынган?* («Мендирман»). *Ак сарай үйгө тул салып, Өзүмө кылып сыйларын* («Манас»).

3. Жесир, эри өлгөн аял. [*Гүлайымдын*] *апасы жыл маалы тул отурду* (Бейшеналиев). *Ошол айтылуу Шайыркүл жыйырма төрт жашында тул калган* (Каимов).

ТУЛА: тула бой — адамдын бүткөн бою, бүт денеси, тулку. *Илгери барак эл болот дечү эле, Тула бою түк баскан* (Токтогул). *Менин тула боюм электр тогу тийгендей эрип, көзүм караңгылай түштү* (Каимов).

ТУЛАҢ *зат.* Көдөө, жыш калың чыккан бетеге чөп, куурайсыз чөп. *Бадал арасындагы тулаң чөп кадимки мамыктай жумшак көрүнөт* (Абдукаримов). *Тукабадай кулпунган Тулаңы бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

ТУЛГА *зат.* Казан асууга ылайыкталып үч бурчтук же тегерек формада жасалган үч буттуу темир алкак. *Коломтодогу тулгада суу куюлган чоң казан* (Бейшеналиев).

ТУЛКУ *зат.* Бүткөн бой, бүткүл дене. *Тулкуңуздун кадиги жок, Уюлундай ташгардын* (Аалы). *Үстүмдө тулкума чыпчыйган көгүлдүр костюм* (Касымбеков).

◆**Тулку бой — тула бой** менен бирдей. *к.* **тула** *Жумабек Күлүкандын бүткүл тулку боюн бирден талдап өттү* (Ашубаев). *Тулку боюн карасаң, Сайга чыккан чынардай* («Семетей»).

ТУЛПАР *зат.* 1. Мыкты, чаалыгыпчарчабас күлүк ат. *Күн-түнү минсең чарчабас, Аттын көркү тулпарда* («Мендирман»). *Күүлөнүп тулпар чамынат, Күбүрдөй көбүк жамынат* (Аалы).

2. *миф.* Канаттуу ат. *Артыкча тулпар мал экен, Адамча сүйлөп Чалкуйрук, Эламандын Төштүккө Қыямат жолдош мал экен* («Эр Төштүк»).

ТУЛТУГУЙ *сын.* Тултуйган, толтогой. *Бир маалда ак саргыл, бети тултугуй, күлтүйгөн чоң киши келди* (Бектенов).

ТУЛТУЙ *этиш* 1. Қалың тартып толтойгон көрүнүштө, көөп, шишимик тарткан сыяктуу абалда болуу. *Эрлердин башы көзү челек болуп, Тултуюп кан аралаш шишик басты* (Маликов).

2. *өт.* Таарынгандыгын, ачууланган-дыгын, жактырбагандыгын билдирип бултуюу. *Тултуйган бойдон ордуман кежирленип жай турдум* («Ала-Тоо»). *Тултуюп, Бөкөй олтурат* («Саринжи—Бөкөй»).

ТУЛТУЙТ тултуй этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЛТУК *сын.* 1. **Бетинин эти калың,** бултук, бултугуй. *Баягы бака көз боз тултук бала өзү чыга берип, Шарипти ныгыра түрттү* (Бейшеналиев).

2. Толтогой, толтойгон мукур, кыска.

Тултук мүйүз. Тултук саптуу бычак.

ТУЛТУКТА *этиш.* Бултундап, таарынгандык, жактырбагандык кебетесин билдирүү, жактырбаган, ачуусу келген мүнөз көрсөтүү.

ТУЛТУКТОО тултукта этишинин кыймыл атоочу.

ТУЛТУНДА тултукта менен бирдей.

ТУЛУП *зат.* Музоонун туюк союлган терисинен жасалган баштык, идиш; териден жасалган баштыкча. [*Апам*] *катты сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коёт* (Айтматов). *Ха-ха-ха-ха, ачукө салган тулубум, Таштa, энеке, кереги жок мунуңун* (Турусбеков).

ТУМАК *зат.* Кандайдыр бир тери ичтелип жасалган жумшак, кулакчындуу жылуу баш кийим. *Башына түлкү тумак кийген кызыл жигит* (Жантөшев). [*Балдар*] *жеңил кийимчен тумактарын түрө кийишкен* (Каимов). *Тумагын баса кийген, бели бүкүрөйүңкү чоочун кишини Даша дагы көрдү* (Сасыкбаев).

ТУМАН *зат.* Абада суу буусунун көбөйүп кетишинин натыйжасында, атмосферанын төмөнкү катмарында пайда болуп, боз чалган сыяктуу айлананын көрүнүшүн начарлаткан абадагы суу буусунун жыйындысы. *Жылганын оозунан чыга калган жөө туман жылып келип кокту-колотторго бугуп жатты* (Байтемиров).

ТУМАНДА *этиш.* 1. Туман басуу, туман каптоо.

2. *өт.* Жакшы көрүнө бербөө, туман баскансып, даана көрүнбөө.

ТУМАНДАН туманда менен бирдей.

ТУМАНДАТ туманда этишинин аркылуу мамилеси.

ТУМАНДОО туманда этишинин кыймыл атоочу.

ТУМАНДУУ *сын.* Туман баскан, туман каптаган. *Малчылар үчүн тумандуу күн өтө коркунучтуу* (Каимов).

ТУМАР *зат. этн.* Ар кандай ооруларлардан, кырсыктан ж. б. сактоо үчүн, көбүнчө үч бурч кылып бүктөлүп, сыртынан чүпүрөк капталган, бойго тагынуучу, молдонун жазып берген дубасы, тилсим. [*Молдо*] *Батманын мойнуна тумар тагып, чыныгы аят жазып бир топ күнү жаткан* (Баялинов).

ТУМАРЧА *сын.* Тумардай, тумар формасында болгон үч бурчтук. *Эсен чөнтөгүнөн акча, тумарча кат алып чыкты* (Бейшеналиев). *Тумарча бүктөлгөн кагаз.*

ТУМБОЧКА *зат.* Көбүнчө кроваттын жанына коюлуучу кичинекей шкаф.

ТУМОО: сасык тумоо — суук тийгенден болгон оору, грипп. *Сасык тумоо тийген көрүнөт* (Касымбеков). **Кара тумоо** — келте. *«Кара тумоо» деше турган жанагы келте ооруcун* (Убукеев). **Улуу тумоо**— чечек, кара чечек. [*Чынар*] *экөөбүздүн ортобуздан энем эки эркек төрөп, экөөнү тең улуу тумоо жарыктык алып кетиптир* (Сыдыкбеков).

ТУМООЛО *этиш.* Тумоо менен ооруу, сасык тумоо тийүү. — *Бир аз тер каршыгып, тумоолоп калган болсо керек* (Убукеев).

ТУМООЛОО тумооло этишинин кыймыл атоочу.

ТУМСАК *сын.* Активдүү кыймыл-аракетке көнбөгөн, жумуш кылып көнбөгөн, тез чарчоочу. *Азырча колдо багамын Атымдын ыкшоо, тумсагын* (Маликов).

ТУМУК думук менен бирдей.

ТУМЧУГУУ тумчук этишинин кыймыл атоочу.

ТУМЧУК *этиш.* 1. Аба жетишсиз болгондуктан дем алуунун оор тартышын сезүү, аба жок болгондуктан, жетпегендиктен катуу кысылып дем ала албай кетүү. *Тумчугуп өлүп бараттым* (Аалы). *Азыр аба болбосо сен беш минутка жетпей тумчугар элең* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кысылган, оор, көңүл чөккөн абалда болуу. *Тумчуккан комуз шаңкылдап, Шаттыктын күүсү чалынды* (Нуркамал).

ТУМЧУКТУР тумчук этишинин аркылуу мамилеси.

ТУМЧУЛА *этиш.* Жел киргизбей, чүмкөп жабуу. *Жер алай-дүлөй түшүп, кардыбороон дүйнөнү бийлеп турган. Бети-башыбызды тумчулап араң жүрүп келебиз* (Элебаев).

ТУМЧУЛАН тумчула этишинин өздүк мамилеси.

ТУМЧУЛОО тумчула этишинин кыймыл атоочу.

ТУМШУК *зат.* 1. Жан-жаныбарлардын баш мүчөсүнүн оозу, мурду келген алды жагы; мурду. *Кашаң карагер сууга кирери менен тумшугун малып кылтылдатып жута баштады* (Бейшеналиев). *Моюнча менен музоону тумшукка чапкылап токтотуугa аракеттенет* (Байтемиров). *Ит тумшугуна суу жеткенде сүзөт* (макал).

2. *өт.* Кургактыктын сууга учтаныш кирип турган бөлүгү. *Нак ошол тумшук өзөндү эки айрыкка бөлөт* (Сыдыкбеков). [*Жолоочулар*] *эки суунун чатындагы тумшуктан имериле бергенде жайнап жаткан калың мал көрүндү* (Каимов).

3. *өт.* Тоонун айлана бериштеги уурчугу же сүйрүлөнгөн бөлүгү. *Тетиги тумшуктун учунда чөп арасында отурган эки кишини көрдүңбү?* (Жантөшев). *Оңкойгон тоонун урчукка, Оңурайган тумшукка, Алып барып көмдү эле* («Эр Төштүк»).

◆ **Тумшугу жок** *же* **куу тумшук**, *же* **кем тумшук**, *же* **кара тумшук**, *же* **тумшугу кайкы** — бакытсыз, ырысы жок, байкуш, шордуу. — *О тумшугу жоктор, тургула— деген Бурмакенин ачуу дабышы менен селт ойгонуп кеттим* (Элебаев). *Кутулар күнүм болобу Куу тумшук башым жалчыдан* (Осмонкул). *Кенебеген кем тумшук Кургур болду жанбакты* (Тоголок Молдо). *Баягы кара тумшук бала энесине кетип калган тура! — деп, Сыпайы жеңе арыздана кетти* (Убукеев). *Туулгандан жалгыз кыз, Тумшугу кайкы мен элем* («Курманбек»).

Тумшугу менен жер саюу — тынымсыз баш көтөрбөй иштеп абдан чарчоо. *Тумшугум менен жер сайып иштесем да сени багууга жарайм, ала* (Байтемиров). **Суук тумшук** — к. **суук. Тумшугун сындыруу** —

бир аз жылытуу. **Тумшугу менен бир тийүү** — орой мамиле кылуу. — *Үйрөтпө мага,— деп Татыбек Арзыкулга тумшугу менен бир тийди* (Байтемиров). **Тумшугуна суу жетүү** *к.* **суу I.** **Жез тумшук** — *миф.* тумшуктары, тырмактары жез желмогуз, жез кемпир. **Жүгөндүн тумшугу** — эки учу жүгөндүн эки жаагына бекитилип, көздүн асты, таноонун үстү жагына туурасынан тартылган жүгөндүн бөлүгү.

ТУМШУКСУЗ *сын.* Бакытсыз, ырысы жок, шордуу, таалайы жок. *Айкөлүнөн ажырап... Айбандан чыккан тумшуксуз Сендей шордуу кайда бар* («Сейтек»).

ТУН I *сын.* Эң биринчи, алгачкы, туңгуч. *Энем тунун кыз төрөптүр* (Сыдыкбеков). *Алыбектин тун баласы быйыл жыйырма алтыда* (Аалы).

ТУН II *этиш.* 1. Суунун же суюктуктун ичиндеги заттары түбүнө чөгүп, тунук түскө айлануу, туптунук болуу. *Ал жерде суу туна турган көлмө бар* (Абдукаримов). *Турунаны тунук көл Ого бетер тунду дейт* («Семетей»). *Суу башынан тунат* (макал).

2. *өт.* Кең-кесири, мол, жетиштүү болуу, жыргап калуу, марып калуу, карк болуу. *Мен ыйлабайм, капа тартып турганда, мен кубанбайм, бак дөөлөткө тунганда* (Осмонов). *Жер соорусу турбайбы, Жердесе калкым тунбайбы* (Каралаев). *Кымызга тунду. Олжого тунду.*

3. Тунаруу, тунарыктоо. *Паровоз өтүп жатат убап-чубап, Тиктесең чаман келбей көзүң тунат* (Турусбеков).

◆ **Кулак тунуу** — ызы-чуу, калдыр-күлдүр, тарс-турс эткен добуштан кулак жаңыруу, жаңырыктоо, укпай калуу. *Залдын ичи көчүп, кулак тунду да калды* (Сасыкбаев). *Күркүрөп жаткан дайранын Кулагың тунат шарына* (Бөкөнбаев).

ТУНАР *этиш.* Айлананы боз чалуу, мунарык басуу, мунайыктоо. *Кетмен-Төбөнүн аскалуу чокулары тез эле бүдүрүлданып тунара баштады* (Аалы). *Бургак болот мунарык, Жер көрүнбөйт тунарып* (Тоголок Молдо).

◆ **Көз тунаруу** — көз караңгылоо, мунарыктап жакшы көрүнбөө, күүгүмдөнүү. *Көзү тунарып эчтеме көрүнгөн жок* (Аалы). *Ивансөвдүн кубаты кетип, көздөрү тунара баштады* (Жантөшев).

ТУНАРТ тунар этишинин аркылуу мамилеси.

ТУНАРУУ тунар этишинин кыймыл атоочу.

ТУНАРЫК *сын.* Тунарып боз чалган, мунарык баскан абал, көрүнүш. *Аркасында тунарык, Кирген нуру не болот* (Тоголок Молдо).

ТУНАРЫКТА *этиш.* Тунарык тартуу, боз чалуу, мунарыктоо; күүгүмдөнүү. *Акман тунарыктаган түтүндү, дем алып, үнсүз олтурган Надежданы көрдү* (Сыдыкбеков).

ТУНАРЫКТАТ тунарыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ТУНАРЫКТОО тунарыкта этишинин кыймыл атоочу.

ТУНАРЫҢКЫ *сын.* Тунарык тарткан. *Коңур күз, сары талаа кубарыңкы, Бүркөлүп күндүн көзү тунарыңкы* (Шимеев).

ТУНДУР тун этишинин аркылуу мамилеси.

ТУНДРА *зат.* Жер шарынын арктикалык алкагынын түштүк зонасы, климаты суук, эч качан эрибеген, өсүмдүгү өтө аз, токойсуз мейкиндик.

ТУНДУРМА *сын.* 1. Тунган, тундуруп жасалган. *Тундурма кымыз.*

2. Билиндирбей чөктүрүп, үстүн кадимкисиндей түзөтүп, билиндирбей таштаган. *Тундурма камчы. Тундурма сака.*

ТУНДУРУУ тундур этишинин кыймыл атоочу.

ТУНЖУР *зат.* Ургаачы кыраан куш. *Куш төрөсү — туйгун дейт, Туйгундан кийин — тунжур дейт* (Тоголок Молдо).

ТУНЖУРА *этиш.* Көшүлүңкү, мемиреп магдырагандай тынч абалда болуу. *Тунжурап талаа уктаган, Түн жарымы кезинде* (Маликов). *Адырлардын тунжурап жымжырт жатышы кандайдыр шектүү сезилет* (Сасыкбаев). *Жолой көпкө тунжурап отурду* (Жантөшев).

ТУНЖУРАТ тунжура этишинин аркылуу мамилеси.

ТУНЖУРОО тунжура этишинин кыймыл атоочу.

ТУНМА *зат.* 1. Суу көбөлдөрүнө түнүп калган илээшме минерал же органикалык масса. *Тунма кымыз.*

2. Тундурма.

ТУННЕЛЬ *зат.* Жер алдындагы же тоо ичиндеги өтүү үчүн ылайыкталып коридор түрүндө тешип жасалган курулуш. *Метрополитендин туннели. Темир жол туннели.*

ТУНУК *сын.* 1. Өзү аркылуу жарык өткөрүп турган, ары жагындагы нерселер көрүнүп турган таза, киргил эмес, күңүрт же ылай эмес. *Ала-Тоонун булагы тунуксуң да, муздаксың!* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Анык, таза чыныгы, нагыз; ак, ак ниет. *Тунук күлүк. Көңүлү тунук.*

ТУНУКЕ *зат.* Үйдүн чатырына жабылуучу, курулуш иштерине пайдаланылуучу каңылтыр темир. *Черновдун үйү үстүн көк тунуке менен жаптырган жыгач үй,* (Жантөшев). *Тунуке менен жаптырып, Балдарга мектеп салдырган* (Токтогул).

ТУНУКЕЛЕ *этиш.* Тунуке менен жабуу.

ТУНУКЕЛЕН тунукеле этишинин өздүк мамилеси.

ТУНУКЕЛЕТ тунукеле этишинин аркылуу мамилеси.

ТУНУКЕЛӨӨ тунукеле этишинин кыймыл атоочу.

ТУНУКЕЛҮҮ *сын.* Тунуке менен жабылган. *Тунукелүү мейманкананын кеңири короосунда комузчулар ойноп, ырчылар ырдап жатышты* (Абдукаримов).

ТУҢУУ тун этишинин кыймыл атоочу.

ТУҢГАК *зат.* Жаңы туулган малдын, баланын алгачкы заңы.

ТУҢГУЧ *сын.* Эң биринчи, эң алгачкы тун. [*Байталдын*] *биринчи жолу кулунда-*

ганы үшүл эле. Мындайды туңгуч деп коёт (Мидин). *«Эркин тоо» — кыргыз элинин туңгуч газетасы.*

ТУҢГУЮК *сын.* Түпсүз тереңдик, терең туюктук. *Үоордун үнү өпкөнүн адам билбеген туңгуюк түпкүрүнөн чыгып жаткандай болду* (Жантөшев).

ТУР I *зат.* 1. Вальс бийинин залды бир айланып чыгышы, ошол эле бийдин бир тегереништи. *Вальстын туру.*

2. Мелдештин, оюндун, өткөрүлүүчү чаралардын ж. б. бир бөлүгү, айрым этабы. *Шахмат турнирининэкинчи туру. Спорттук олимпиаданын акыркы туру. Президенттик шайлоолордун экинчи туру.*

ТУР II *этиш.* 1. Тикесинен келген абалда, баса турган абалда болуу; отуруп же жатып албай өйдө болуу. [*Турсун*] *вагондун эң төмөнкү баскычына тура калып желегин көтөрдү* (Сасыкбаев). *Адыл ордунан турду да, олтургандарга кыдырата карады* (Сыдыкбеков). *Атчандар жете келип жарданып тура калды* (Убукеев). *Шамбет туруп олтуруп, Чаргынга карады* (Сыдыкбеков).

2. Белгилүү бир жерде, үйдө турак алып, тиричилик кылуу, жашоо. *Фрунзеде турат. Кыштакта турган адамдар. Шаарда турушат.*

3. Өлбөй-житпей жашап калуу, аман-эсен болуу. *Тууруна сүйүнбө, турарына сүйүн* (макал).

4. Бар болуу, болуу. *Кыялда турат бир тилек, Чырак кызматын тапсаң агаңдын* («Олжобай менен Қишимжан»). *Машина турганда жөө басмак беле?*

5. Белгилүү бир орунда, жайда болуу, белгилүү бир абалда болуу. *Бир шумдукту сезгенсип Жылдыздар турат тунжурап* («Мендирман»). *Калкыңда мендей кыздардан Кароолдо туруп кабар ал* (Маликов). *Жылаңач турган канча адыр Жалбырак басып жашарсын* (Маликов).

6. Қызмат ордун ээлөө, дайындалуу. *Қызматка турду. Ишке турду.*

7. Жалдануу, жалданып иштөө; кызматын кылуу. *Байга турган.*

8. Баасын, наркын билдирүү үчүн колдонулат. *Канча турат? Өзүнө турган наркы.*

9. Қандайдыр бир составдуу түзүлүштү, аның составын билдирүү үчүн колдонулат. *Беш кишиден турган комиссия. Үч бөлүктөн туруган китеп.*

10. **-ганы, -ган** формалары уланган сөздөрдөн кийин кыймыл-аракеттин, окуянын, кубулуштун, ойдун ж. б. болорун, ишке ашуусу мүмкүн экендигин, ниеттенгендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Күн жаагаңы турат. Кеткени турат. Барган турат. Жөнөгөн турат.*

11. **-мак, -сун, -гай** формаларында келгенде «түгүл», «ал гана эмес» деген сыяктуу күчөтүү маанисин берет. *Короодогу кой турмак, Коргол бербейт жети ата* (Токтогул). *Сүйлөмөк турсун далай жан Зарланып жүрөт көрүүгө* («Олжобай менен Қишимжан»). *Қакылдак уялмак тургай, эрээркеген балача чаңырыгын күчөттү* (Сыдыкбеков).

12. Оолактатуу, алыстатуу, кандайдыр аракетти токтотуу керек экендигин билдирүү үчүн колдонулат. *Тур ары, жашың менен сугарбай мени* (Байтемиров). *Эрсиз өтсөм да* [*Чаргын*] *нары тура турсун* (Сыдыкбеков). *Көйнөк тиккенди коё турчу* (Сыдыкбеков).

13. Қыймыл-аракеттин үзгүлтүксүз болуп турушун белгилүү бир абалдын узакка сакталышын билдирүү иретинде жардамчы этиш катарында колдонулат. *Жазып тур саламыңды келгениңче, Жарыңдын жаш жүрөгүн сагындырбай* (Нуркамал). *Капталдан улам катуулап, Лом менен уруп туруптур* (Маликов). *Эр Олжобай элине Бул кезде сүйлөп турат октолуп* («Олжобай менен Қишимжан»).

14. Қыймыл-аракеттин, окуянын абалдын ж. б. күтүүсүздөн, эрктен тышкары болгондугун жана мурда андан кабарсыз экендигин билдирүү же ырастоо иретинде «тура», «турбайбы» формаларында колдонулат. *Турмуштун ачкычы адамдын өз колунда тура* (Сыдыкбеков). *Ар нерсенин учуру болот тура* (Байтемиров). *Бул сакалдан Эшмамбет Жүдөп жүргөн турбайбы* (Токтогул). *Сулуулар чыгат турбайбы Анда-санда ар кандай* («Мендирман»). *Адамдын сырын билүү кыйын турбайбы* (Байтемиров).

◆ **Жатса-турса** *же* **жатса да, турса да** — ар качан, дайыма. *Жатсам-турсам сени ойлоп, Саламат көрсөм дээр элем* (Токтогул). **Барып турган** *к.* **бар III**.

ТУРА *зат.* Туяктын ичиндеги кемирчек сыяктуу жумшак жери. *Эки койдун туягы түгөнүп, турасы көрүнүп калыптыр* (Убукеев). *Туягында тура жок, Тулпар сындуу мал экен* («Семетей»).

◆ **Турасы түгөнүү** — айласы кетүү, эмне кыларын билбей калуу. *Муслимахундун да айласы кетип, турасы түгөндү* (Жантөшев).

ТУРАК *зат.* 1. Туруучу жай; турган, жашаган жер, турук алган орун. *Абдыназар казагым Нарында эле турагы* (Тоголок Молдо). *Бөрү акең тынчып турабы Тоо башында турагы* (Тоголок Молдо). *Турагым кагылайын Тянь-Шаным* (Нуркамал). *Тигине, тирүү сымап турагы жок, Купуя, майда, кытмыр эсеби жок* (Аалы).

2. Туруктуулук, бекемдик.

◆ **Турак-жай** *же* **турак үй** — жашап туруу үчүн арналган үй.

ТУРАҚСЫЗ *сын.* 1. Белгилүү турак алган жайы, орунтуктап калган орду жок. *Турмуш айдап тураксыз, Кез келгендей күн өттү* (Элебаев).

2. Туруксуз, туруктуу эмес, өзгөрүп турма. *Тураксыз желди қылба бел* (Турусбеков).

ТУРАҚТУУ *сын.* 1. Бир жерден орун алган, бир жерде дайыма жашоочу. *Турактуу эл.*

2. Туруктуу, өзгөрбөс, турумдуу. *Турактуу ошол тоону кылган сайран, Жа-*

пайы арстан, аюу, толгон айбан (Бөкөнбаев).

ТУРБИНА *зат.* Айланма калакчалардын жардамы менен буунун, газдын, суунун энергиясын механикалык ишке айландыруучу кыймылдаткыч.

ТУРГУЗ тур этишинин аркылуу мамилеси.

ТУРГУН *сын.* Такай бир жерде жашоочу, туруктуу, жергиликтүү. *Тургун эл.*

ТУРИЗМ *зат.* Эс алуу, өз өлкөсүнүн ар кандай жерлери жана башка өлкөлөр менен таанышуу максатында жүргүзүлгөн саякат; жөө, велосипед, лыжа ж. б. менен жүрүүчү денени чыңоо максатындагы спорттун түрү, саякат, жүрүш. *Эл аралык туризм. Тоо туризми. Спорттук туризм.*

ТУРИСТ *зат.* Туризм менен иришкен адам.

ТУРК: буттун туркусу же буттун туркусу — буттун согончоктон тартып, башына чейинки узундугу.

ТУРКУ турк менен бирдей.

ТУРМАН *зат.* Кандайдыр бир нерсенин майда-чүйда жабдуулары, жасалгалары. *Кыргыздын чоң-чоң байлары аттын турмандарын кооздой турган жасалгаларды да көп сурашчу* (Абдукаримов). *Ээр турманы. Үй турманы.*

ТУРМУШ *зат.* 1. Жашоо шарттары. күндөлүк тиричилик. *Мезгил өткөн сайын, келечек турмуш жөнүндө ойлоо ар кимдин башына түштү* (Сасыкбаев). *Турмуш бардыкка үйрөтөт эмеспи* (Байтемиров).

2. Бизди курчап турган реалдуу чындык; тиричилик. *Турмушта болбой турган көрүнүш.*

◆**Турмушка чыгуу** *к.* **чык III.**

Турмуш куруу — үйлөнүү.

ТУРНА *зат.* Узун моюндуу, узун буттуу чоң саз кушу. *Турнанын да башчысы бар* (макал).

ТУРНАБАЙ *зат.* Дүрбү. *Колдорубузда турнабай болгондуктан, айлананы алыскаалыска чейин карайбыз* (Каралаев). *Турнабай колго алганы, Тунарып жаткан талаасын Алман кайкалап карап калганы* («Манас»).

ТУРНИК *зат.* Жумуру темирден жасалып, эки тиреөчкө туурасынан бекитилген гимнастикалык жабдуу. *Турникте ойноо.*

ТУРНИР *зат.* Бардык катышуучулары өз ара беттешип чыга турган спорттук мелдеш. *Шахматтык турнир.*

ТУРП *зат.* Түбү желе турган, тамакка жумшала турган чамгыр.

ТУРПАК топурак менен бирдей.

ТУРПАТ *зат.* Жалпы келбет, сымбат, кебете. *Сырткы турпатынан Мукайдын мүнөзү апасына окшош* (Таштемиров). [*Мамбеткулдун*] *турпатында өкүмдүк да, кайра, тартпас эрдик да бар* (Каимов).

ТУРПАТТАШ *сын.* Окшош, турпаты бирдей.

ТУРУК *зат.* 1. Туруучу жай, тура турган, жашай турган жер, турак. *Анжиянда туругу, Адигине уругу* (Тоголок Молдо). *Дөдөмөлгө чоң колхоз Турук алган кезеги* (Тоголок Молдо).

2. Туруктуулук, бекемдик, өзгөрүп кетпөөчүлүк. *Сөзүнүн туругу жок.*

ТУРУКСУЗ *сын.* Туруктуу эмес, бир калыпта турбаган, өзгөрүп кетме.

ТУРУКТУУ *сын.* 1. Дайым бир жерде турган, бир жерде жашаган, жергиликтүү. *Туруктуу эл.*

2. Тез өзгөрүп кетпей турган, чыдамдуу, бир калыпта болуучу, өз калыбынан өзгөрбөгөн. *Үйрөнсө, туруктуу болсо, бардык эле жумуш оңой* (Сасыкбаев). *Дүйшөнкул Шопоков тартиптүү, кайраттуу, туруктуу боец болду* (Бөкөнбаев).

ТУРУКТУУЛУК *зат.* Бир калыпта болуу, туруктуу болуу сапаты, касиети, кандайдыр бир башталган ишти аягына чейин жеткирүүчүлүк, көшөрүүчүлүк. *Эл падышалык куралдуу күчтөргө туруктуулук менен каршылык көрсөтүштү* (Абдукаримов).

ТУРУМ *зат.* Турук, туруктуулук. *Сөзүнүн туруму жок.*

ТУРУМДУУЛУК туруктуулук менен бирдей.

ТУРУМТАЙ *зат.* Кыргыйдан кичирээк, көбүнчө майда чымчыктарды алуучу жырткыч куш. *Айланып учат боз торгой Артынан кууса турумтай* (Үсөнбаев).

ТУРУНА турна менен бирдей.

ТУРУУ тур этишинин кыймыл атоочу.

ТУРУШТУК *зат.* Туруктуулук, чыдамдуулук, каршы турууга, кайрат кылууга жарамдуулук. [*Торпок*] *кээде бүрүшөт, кээде мойнун жикийтип салмакка туруштук бергиси келет* (Аалы). *Бере албай жоо туруштук тура качты* (Үмөталиев).

ТУТ I тыт I менен бирдей.

ТУТ II *этиш.* 1. Кол менен кармоо, кармап алуу. *Жолой бекем тутканы, Колун Кошой булкканы* («Манас»). *«Басмачы туттук» деп жазган катка* (Абдыраманов).

2. Кабыл алуу, макул кылуу, кабыл алып, ошол тартипти көз карашты ж. б. сактап жүрүү. *Жолборстор тутту буйругун, Баары келди баш ийип* («Манас»). *Ак падышанын амирин тутуп.. [кен ээси] көп мөмүр каздырып берүүгө милдеттенди* (Сасыкбаев). *Мандикерликке катталгандар муну эсиңерде туткула* (Абдукаримов).

3. Пайда боло калуу, кармай түшүү, келе калуу. [*Ырайымжандын*] *бир туруп... жаалы туткансыды* (Касымбеков). *Кечке маал безгегим тутпаса — мен да барамын* [*деди Кулбаш*] (Абдукаримов).

4. Белгилүү бир абалда кармоо, сактоо. *Демейде жеңил, демейде алга чапма Самар азырынча өзүн токтоо тутту* (Таштемиров). *Таза тутуп китебин Күн нурунда көгөргөн* (Нуркамал).

5. Башка бир катар сөздөр менен айкалыша келгенде ошондой көрүү, ошондой деп эсептөө маанисин билдирет. *Улут айырбай дос тутуп, Жүйүр кылган орустар* (Тоголок Молдо). *Кызы Сүйүмканды эш тутуп Ажар келди* (Жантөшев). *Азыр алар Динарды караан туттубу.. койлт төрт мамынын ортосуна үймөлөктөштү*

(Сыдыкбеков). *Маалимдин өзүн ууру тутсак, осолдук болор [деди Омор]* (Сыдыкбеков).

ТУТАЛАН *этиш.* Кыжырдануу, кыжыры кайноо, күйүп-бышуу. *Амантур бирде туктүйүп, бирде кабагын түйүп сурданып туталана берди* (Убукеев). *Даша туталанып айтыша кетти* (Сасыкбаев).

ТУТАЛАНТ туталан этишинин аркылуу мамилеси.

ТУТАЛАНУУ туталан этишинин кыймыл атоочу.

ТУТАМ *зат.* 1. Колдун бармагы бир жагынан, башка төрт манжасы экинчи жактан имерилип келип кармаганда алардын ичине толтура камтый кармалган нерсенин өлчөмү. *Алымкул жалбыздан бир тутам жулуп алып жыттай баштады* (Абдукаримов). *Бурма уюнун алдына бир тутам чөп салып коюп, аны оорсок саай кетти* (Каимов).

2. Тутамдап кармаганда муштумдун бийиктигине барабар келген узундук. *Чылбыры тутам калбаса, Чындаган жоого алдырбас* («Манас»).

ТУТАМДА *этиш.* Тутам менен кармоо. [*Кычан*] *тизгинди тутамдай кармады* (Бейшеналиев). *Чаргын.. чаначты чымчып буулган оозунан.. тутамдай кармап, чайкай баштады* (Сыдыкбеков).

ТУТАМДАТ тутамда этишинин аркылуу мамилеси.

ТУТАМДОО тутамда этишинин кыймыл атоочу.

ТУТАН *этиш.* Күйө баштоо, от алуу, жага баштоо. *От тутана баштады* (Абдукаримов). *Мештеги.. отун.. тутанып, дуулдап күйдү* («Ала-Тоо»).

ТУТАНГЫЧ *сын.* Тез от алуучу, тез тутануучу, күйүп кетүүчү. *Тутангыч заттар.*

ТУТАНДЫР тутан этишинин аркылуу мамилеси.

ТУТАНТ тутандыр менен бирдей.

ТУТАНУУ тутан этишинин кыймыл атоочу.

ТУТАШ *такт.* Тутумдаш, келки, катары менен, улаштыра, жалпы, жапырт, бүт. *Сапар төшөктү жерге туташ салды* (Бейшеналиев). *Булардын кыштоосунда.. бир бөлмөлүү там, ага туташ салынган жапыз малкана турат* (Абдукаримов). *Мурда кат-сабатсыз калкыбыз туташ сабаттуу болушту* («Советтик Кыргызстан»). *Үйларды сааш жумушу туташ электрлештирилет* (Убукеев).

ТУТАШ II *этиш.* Тутумдаш болуу, биригүү, кошулуу. *Тулку боюң туташкан Чың ширетип койгондой* (Калык).

ТУТАШТЫР туташ этишинин аркылуу мамилеси.

ТУТАШУУ туташ этишинин кыймыл атоочу.

ТУТКА *зат.* 1. Эшиктин, чемодандын ж. б. кол менен кармала турган бөлүгү, сабы, кармагычы. *Каалганын туткасы. Чайнектин туткасы. Чемодандын туткасы.*

2. *өт.* Таяныч, тирек, жөлөк, негиз. *Бала төрө Семетей Элине тутка болгон дейт* («Семетей»). *Тынчтыкта жанаша жашоо СССРдин тышкы саясатынын туткасы болгон, азыр да болуп кала берет* («Ала-Тоо»).

ТУТКАК *зат.* 1. Каардуулук, жаалдангандык, кыжыры келгендик, туталануучулук. [*Канчоронун*] *туткагы кармап тутулду, Каарданып күүлөнүп, Күлчорого сүйлөндү* («Сейтек»).

2. *өт.* Майда ууру, жулук ууру. *Дагы эле чоңунан кичинеңерге чейин туткагыңар кала элек тура* («Жаш ленинчи»).

ТУТКАКТА *этиш.* Жибербөө, асылуу, ээрчип алуу. *Чегиртке алдыртан Акияны туткактап, Марусяга көз кысып калды* (Сыдыкбеков). *Артынан туткактап ыйлап бара жаткан Эркинди Муслимахун бетинен эки өптү* (Жантөшев).

ТУТКАКТОО туткакта этишинин кыймыл атоочу.

ТУТКУН *зат.* 1. Согуш учурунда колго түшкөн жоокер, колго түшүрүп алынган жоо тараптын адамы. *Чалгынчылар туткунду өтө этияттык менен.. командирге тапшырышты* (Баялинов). *Кырк чакты солдат тегеректеп туткундарды айдап келе жатты* (Жантөшев).

2. Душмандын колуна түшкөн абал, жоо тараптын колуна түшүү абалы. *Бир канчасын жайлап, далайларын туткунга алдык* (Каралаев). *Ал туткунда жүргөн шордуу экен* (Калык).

3. *өт.* Көз каранды, эркси абал; эркси. *Туткунда жаткан элдерди Биздин түйгундар барып бошотту* (Үсөнбаев). *Көрүп жүрөм көз менен: Мен сыяктуу туткундун Далайы ачтан өлгөнүн* (Токтогул). *Аялдар анда туткунда, Пардалуу жүктүн бурчунда* (Нуркамал).

ТУТКУНДА *этиш.* Колго түшүрүү, туткун кылуу, туткунга алуу.

ТУТКУНДАЛ туткунда этишинин туюк мамилеси.

ТУТКУНДОО туткунда этишинин кыймыл атоочу.

ТУТКУЧ *зат.* 1. Тутка.

2. Идиш-аяктын туткасын кармоо үчүн ылайыкталып кийизден, чүпүрөктөн ж. б. жасалган кол кап, кармагыч. *Эрке кыз корго койгон ак чайнегин туткуч менен этияттап кармап алып, Жылдызкандын жанына коёт* (Байтемиров).

ТУТТУГУУ туттук этишинин кыймыл атоочу.

ТУТТУК *этиш.* 1. Заара кыла албай калуу, заарасы токтолуп калуу.

2. Мукактануу, кекечтенип сүйлөй албай калуу. [*Жапек*] *эриндерин кыбыратып, бир топко калтырап, туттугуп турду* (Жантөшев).

ТУТУЛ тут этишинин туюк мамилеси.

ТУТУМДАШ *этиш.* Кошулуп уланууу, биригип, туташып кетүү. *Ал [бет] жогору көздөй созулуп отуруп, аркы чоң тоого тутумдашат* (Таштемиров).

ТУТУУ I *зат.* 1. Боз үйдүн уук-керегесин каптап турган жабуусу. *Тутуулары самтыратып эки кара үй турат* (Жантөшев).

2. туурдук менен бирдей.

ТУТУУ II тут этишинин кыймыл атоочу.

ТУУ I *зат.* 1. Аскер бөлүгүнүн, бирикмесинин, мамлекеттин, кандайдыр бир уюмдун ж. б. эмблемасы катарында эсептелүүчү, белгилүү бир же бир нече түстүү, бетинде жазуусу, кооздуктары ж. б. бар, жыгачка бекитилген кездеме. *Машташып жүрсө көчөдө Майрамдын көркүн туу берет* (Аалы). *Бул туунун жазуусу бар орокбалка, Ал — достук, элдериме болгон арка* (Маликов).

2. *өт.* Кандайдыр бир топтун, уюмдун ж. б. бирдиктүү аракетинин негизи болгон жетекчи идеясы. *Турмуштун туусу абамдар, эмгектин чакты маңызын* (Бөкөнбаев). *Кычандын ысмын туу ордуна кармашат* (Бейшеналиев).

◆ **Туу бел** *же* **туу кыр**, *же* **туу чоку**, *же* **туу жон** — белдин, кырдын, чокунун, жондун эң бийик жери, үстү. *Тойчубек туу белге чыкты* (Баялинов). *Чаргын менен Акия береги боз дөбөнүн туу кырына чыгышты* (Сыдыкбеков). *Бүркүт.. бир суурду көтөрүп учкан бойдон туу жонго барып таштап жиберди* (Байтемиров).

ТУУ II *этиш.* 1. Төрөө, төлдөө, төл берүү, жукумдоо, жумуртка берүү. *Жанында сулуу келин бара жатты, Көтөрүп жаш баласын тууган жаңы* (Үмөталиев). *Коёндон окшош козусу, Коюнар тууган эгизден* (Маликов). *Жору туучу зоокаларды талкалап, Жол салганбыз автобусду чубатып* (Калык).

2. Жаңыруу (ай жөнүндө).

3. Процент өсүү, пайда, үстөк кошуу.

4. Туулуу. *Намыска тууган артык эр Көк ала сындуу ат минген* («Манас»). *Атам туып көрбөгөн Жерге бардың, кайран жан* (Токтогул). *Коңурдун башын албасам, Туубай туна чөгөйүн* («Семетей»).

ТУУГАН *зат.* 1. Ага-ининин балдары, бир атанын балдары, бир уруудан таркаган адамдар. *Туугандарың күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат* (макал). *Мукай менен Абыз жакын туугандардын балдары* (Таштемиров).

2. Агайын, жолдош деген мааниде кайрылуу претинде айтылуучу сөз. *Эми ушул жерден коштошолу, туугандар* (Жантөшев).

3. *өт.* Жакын, жолдош, дос. *Калайык туугандарың, калың журт, Кайта көрдүм түрүңдү* (Токтогул). *Каршылашып кармашпай, Түбөлүккө эл болуп, Туугандар болуп калалы!* («Семетей»).

◆ **Кабырга тууган** — ыраак, кыйыр туугандар. *Кабак-Арт менен Сары-Колдон Кабырга тууган кыпчак бар* («Манас»).

ТУУГАНДУУ *сын.* Тууганы бар, тууганы көп. *Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок* (макал).

ТУУГАНДЫК *зат.* 1. Тууган, туушкандык, жакындык. *Түйгун Манас баатырга, Булардын туугандыгы бар экен* («Манас»). *Дубай салам кат жаздык, Туугандыгын сагына* («Эр Табылды»).

ТУУГАНСЫ *этиш.* Тууган көрүү, тууган деп эсептөө, тууган деп саноо. *Туугансып Манас барыптыр* («Манас»). *Сан кара боз байгени Айдап алып жатканда, Туугансып жетип келбейсиң* («Эр Табылды»).

ТУУГАНСЫН туугансы этишинин өздүк мамилеси.

ТУУГАНЧЫЛ *сын.* Тууганын жакшы көргөн, туугандарын колдогон, тууганына жан тарткыч.

ТУУГУЗ туудур менен бирдей.

ТУУДУР туу этишинин аркылуу мамилеси.

ТУУЛ туу этишинин туюк мамилеси.

ТУУЛГА *зат.* Согушка чыкканда кийүүчү металлдан жасалган баш кийим. *Ок өтпөскө жасаткан Темир туулга башында* («Курманбек»). *Сыр бараң жондо жаркылдап, Туулга башта калкылдап* («Эр Табылды»).

ТУУМА: энеден туума — жыпжылаңач, дырдай жылаңач. *Энеден туума Сатар чалкасынан сулап жатат* (Бейшеналиев).

ТУУР *зат.* Алгыр куштарды кондуруучу жыгачтан жасалган атайын оторгуч. *Бул туур үч ачакей арчадан жасалган* (Каимов). *Кедей үйүнө келип, капшытка кармалган кушка туур орнотту* («Жомоктор»).

ТУУРА I *зат.* 1. Бир нерсенин эни, эки капталынын аралыгы, жазылыгы. *Туурасына көз жетпес, Бет алдында чоң мунар Эми көзгө көрүнөт* («Эр Төштүк»). *Туурасы жоон —бою пас, Дулдугуй беттүү, өңү саз* («Манас»).

2. Узунунан эмес, көлдөлөңүнөн. *Атка туура өңөрүп алышып, чаап жүрүп калышты* (Жантөшев). *Алдына туура асынган Автоматчан бир бөлөк* (Бөкөнбаев).

3. Каптал тарап, эки жагы. *Туурадан шабыр-шубур табыш чыкты* (Сыдыкбеков). *Туура жагын караса, Бир бөлүгү жылкынын Чыйырчыктай карала* («Манас»).

ТУУРА II *сын.* 1. Жалган эмес, чын; чындыкка негизделген, чындыкты көрсөткөн. *Корчунун [инилерин] билдиргендер «кишиге зыяндары жок, туура сөздүү» деше турган* (Аалы). *Чын сөздү туура айтуудан таймана албайм, Биз элбиз, биз кишибиз — сени менен* (Осмонов).

2. Чынчыл, калыс, түз, эч тарапка кошулбаган. *Туура бийде тууган жок, Туугандуу бийде ыйман жок* (макал).

3. Жаңылыш эмес, ката эмес. *Сынай бил адам үлүн туура баалап* (Осмонов). *Сөзүң чын, Жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов).

4. Ылайык, ылайыктуу, төп. *Эл Алымкулдун сөзүн туура табышты* (Абдукаримов). *Таалайыңа жалгызым Талабың туура туш болсун* («Курманбек»).

5. Дал, нагыз. *Нурийла Абылдан туура үч жаш кичүү* (Таштемиров).

ТУУРА III *этиш.* Кандайдыр бир кыймыл-аракетке, сүйлөгөнүнө ж. б. окшоштура кыймыл-аракет жасоо, сүйлөө ж. б. *[Токтогулдун] элпек көмөкөйү да канаттуулардын түркүн тилдүү, шыңгыр дабыштарын туурап, кайталоо менен алектенди* (Аалы). *Дайым чоң энесин туурап сүйлөгөн Динар кишилер күлгөнгө бир аз кызарып, кошо күлдү* (Сыдыкбеков).

ТУУРА IV *этиш.* Майдалап кесүү, майдалап бөлчөктөө, кырчып кесүү. *Эт майда тууралган экен. Жылдызкан заматтын ортосунда пияз, сабиз тазалап, аарчып, туурап жиберди* (Байтемиров). — *Чайыңа нандан туурап алгын, Алым* (Жантөшев).

ТУУРАЛ туура IV этишинин туюк мамилеси.

ТУУРАЛА *этиш.* 1. Туура, ылайык келген абалга келтирүү, жөнгө салуу. *Эр жигиттин жакшысы, Элдин ишин тууралап, Жылдан жылга чыралат* (Барпы).

2. Ишти бүтүрүү, мурда сүйлөшүлгөндөй бүткөрүү. — *Өрттү ким койду? Өзүнөр катыштыңарбы? — Алымкул экөөбүз эле тууралдык* (Абдукаримов).

ТУУРАЛАН I туурала этишинин өздүк мамилеси.

ТУУРАЛАН II *этиш.* Кергиштөө, каршы экендигин билдире жактырбаган кыял көрсөтүү.

ТУУРАЛАНУУ тууралан II этишинин кыймыл атоочу.

ТУУРАЛУ *жанд.* Жөнүндө. *Иш тууралу сүйлөшүү. Мектептеги тартип тууралу.*

ТУУРАЛЫК *зат.* Чындык, адилеттик, калыстык. *Кимибизде тууралык, Кандай өсүш болсо да, Кабарлашып туралык* (Осмонкул). *Жумушчу адам ар дайым иштин тууралыгын, чындыгын сүйөт* (Жантөшев).

ТУУРАМЧЫ *зат.* Этти жакшы туурай турган адам, туурагыч. *Туурамчыдан туганың болсун* (макал).

ТУУРАТ туура этиштеринин аркылуу мамилеси.

ТУУРАШ туура IV этишинин кош мамилеси.

ТУУРДУК *зат.* Боз үйдүн кереге бөлүгүн жабуучу төрт бөлүктөн турган жабуусу. *Токтогул ырдап олтурган үйдүн тутуусун сыйрып койбосо, чогулгандар тууруктарын жыртып жибериши үй эле* (Бөкөнбаев). *Туурдук түрүп шыкаалап, Тушунан комуз каалы* («Курманбек»).

ТУУРОО туура этишинин кыймыл атоочу.

ТУУРУК *сын.* Кесилип, жарылып кеткен, туурулуп кесилген. *Колу туурук ударникке жолугуп, Азамат деп далысынан кагууга* (Осмонов). *Кеберсиген Эриндери кумсарып, Саргыл беттер Туурук-туурук тилинген* (Бөкөнбаев).

ТУУРУЛ *этиш.* Кесилип, жарылып кетүү, туурук-туурук болуп кетүү. *Сары туурулган согончогу менен торпогун колтукка тепкилеп.. Айтуунун айтканын тыңшады* (Аалы). [*Эшкул*] *Сапардын бетибашын туурулган алаканы менен силады* (Бейшеналиев).

ТУУРУЛТ туурул этишинин аркылуу мамилеси.

ТУУРУЛУУ туурул этишинин кыймыл атоочу.

ТУУТ *зат.* Малдын төлдөшү, төлдөө убагы. *Малдын тууту башталды* (Абдукаримов). *Туут убагы башталып калгандыктан, койчулар коюн алыс жайбай, төлдөтүү сарайына жакын жайышат* (Жантөшев).

ТУУШКАН *зат.* Тууган, туугандык жакындыгы бар адам. *Сарттар, Багыш туушкан Элим калат окшодуң* (Токтогул).

ТУУШКАНДЫК *зат.* Туугандык, бир туугандык. *Туушкандык азаттык жардам берген, Рахмат улуу агабыз орус дедиң* (Үсөнбаев).

ТУФЛИ *зат.* Кончсуз, жеңил бут кийим. *Бутунда кара туфли сулуунун көркүн чыгарып, көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев).

ТУШ *зат.* 1. Бир нерсенин оң же сол жагы, тарабы, каптал жагы, туура жагы. *Дилделердин тамынын тушунан өтө береримде.. бутумду араң кыбыратып калдым* (Касымбеков). *Тигил атчан ошол туштан өтүп баратып бирдеме деп койду* (Сыдыкбеков).

2. Белгилүү бир учур, белгилүү бир убакытка, окуяга ж.б. туура келген мезгил. *Чыныкда Атантай өз тушундагы момун, жоош, эстүү карыдан* (Сыдыкбеков). *Баймаңаптын тушунда Айдалып жүрүп куурадым* (Токтогул).

◆**Туш келүү** *же* **туш болуу** — кез келүү, туура келүү, дуушар болуу, кабылуу. *Биз айылдан чыгып, кечмелиги жайык өзөн сууга туш келдик* (Каимов). *Таалайлуу заман туш болуп, Артылды сыймык-багыңар* (Осмонкул).

ТУША *этиш.* Алдынкы эки бутун кенен шилтей албай тургандай кылып байлаштырып коюу, тушамыш салуу. *Атты үйдөн обочороок жетелеп барып, тушап коё беришти* (Каимов).

ТУШАК тушамыш менен бирдей.

ТУШАЛ туша этишинин туюк мамилеси.

ТУШАМЫШ *зат.* Алдынкы эки бутту тушоого арналып жасалган кайыш же жип. *Аттын тушамышы кайда?*

ТУШАР *зат.* Бутунун тушамыш салынуучу жери, чачыгынын үстү; адамдын кызыл ашыгынын үстү, ичке шыйрагы. *Түзүнө карап огород менен тушардан чыккан карды жиреп кетип баратат* (Байтемиров). *Тушарга чыккан көк шибер.*

ТУШАТ туша этишинин аркылуу мамилеси.

ТУШОО I *зат.* 1. Тушамыш; тушалган абал. *Жоош аттар тушоодо, кай бир аттар үч бутталган* (Жантөшев).

2. Бат бассын деген ырым менен жаңы баскан баланын бутуна байланып кесилүүчү жип. *Тушоо кесүү.*

ТУШОО II туша этишинин кыймыл атоочу.

ТУШООЛУУ *сын.* Бутунда тушамышы бар, тушалган, тушап коюлган. *Балдар да тушоолуу аттарын токуп жөнөштү* (Бөкөнбаев).

ТУШООР тушар менен бирдей.

ТУШТА *этиш.* Туш келтирүү, кандайдыр бир нерсеге ылайыктап болжоо, багыт алдыруу. *Чымырканып Күлчоро Найза тартпай туштады* («Сейтек»).

ТУШТАШ *такт.* Тушма-туш, туура ченинде. *Тушташ келүү, Тушташ туруу.*

ТУШТУК *зат.* Туш кийиз.

ТУЮК *сын.* 1. Ары карай жүрүүгө мүмкүн болбогон, капталган, бүтөлгөн, ачык эмес, туюкталган. *Чоно жүрүп отуруп, коктунун башындагы бадалдуу туюкка жетти* (Каимов). *Казанчы байдын жайлоосу.. дайым.. адам барбас туюктарда болот* (Аалы).

2. Ачык эмес, даана эмес, жашырын. *Мен сага айта турган сөзүмдүн бир катарын бая күнү Ошто туюк айткамын* (Жантөшев).

ТУЮКТА *этиш.* Туюк кылуу, бүтөө, жылчыксыз кылуу.

ТУЮКТАЛ туюкта этишинин туюк мамилеси.

ТУЮКТАН туюкта этишинин өздүк мамилеси.

ТУЮКТАТ туюкта этишинин аркылуу мамилеси.

ТУЮКТОО туюкта этишинин кыймыл атоочу.

ТУЮЛ туй этишинин туюк мамилеси.

ТУЮМДУУ *сын.* Сезимдүү, зээндүү, бир нерсени бат сезгич. *Түйбаганды түйгузган, Туюмдуу Бакай карыя* («Манас»).

ТУЮН туй этишинин өздүк мамилеси.

ТУЮУ туй этишинин кыймыл атоочу.

ТУЯК *зат.* 1. Малдын бутунун жерди басуучу мүйүздүү бөлүгү. *Аттар... туяктары менен жер тепкилей баштады* (Абдукаримов). *Чоң-Тору., чарадай туяктары менен.. кара жолду тап-тап басат* (Сыдыкбеков).

2. Малдын башы. *Элүү туяк кой. Малдын туягы түгөл.*

3. *өт.* Бала, эркек бала. *Сатылгандын бир жалгыз Туягы болгон Токтогул* (Барпы). *Аркамда калган туяк жок* (Токтогул).

◆**Ай туяк** *к.* **ай I. Тай туяк** — тайгаланбас үчүн бутуна байлануучу туяктан, темирден ж. б. жасалган нерсе. *Бутумда тай туяк, үстүмдө куур тон* (Сасыкбаев). **Туяк кат** *к.* **кат I. Туяк пул** — *тар.* бирөөнүн жерине малын жайгандыгы, бакканды үчүн төлөнүүчү акча. **Чака туяк** — куу, абдан митаам. *Жедеп чака туяк болгон кыйды жумшай түштү* (Бектенов).

ТУЯКСЫЗ *сын.* 1. Туягы жок.

2. *өт.* Баласы жок, эркек баласы жок, тукумсуз. *Он эки зайып алганым, Он экиси төрөбөй, Туяксыз болуп калганым* («Эр Төштүк»).

ТУЯКТУУ *сын.* Туягы бар. *Туяктуу жаныбар жүргөнсүйт — «карс» бутак сынгансыйт* (Сыдыкбеков). *Жайдак турган ак туяктуу кара сур Ушул жердин байларынын жоргосу* (Аалы).

ТҮ I: түү *туур.* Машинанын сигналын тууроодо колдонулат. *Атасы баласына машинаны сатып берди, Баласы сүйүнүп «бип-бип, түү-түү» деди* (Шүкүрбеков).

ТҮ II: түү *же* **түтү-түтү** *сырд.* Тоокторду чакырууда колдонулат.

ТҮ III түү менен бирдей.

ТҮБӨЛҮК *такт.* **Дайыма, такай; өмүр бою; биротоло, акыры.** *Атагы налыстан ук, эрди көрбө, Түбөлүк жүрөгүңдө турат элес* (Аалы). *Түбөлүк жашап каласың, Эмгегиң сиңсе заманга* (Шүкүрбеков). *Карышылашып кармашпай, Түбөлүккө эл болуп, Туугап болуп калалы!* («Семетей»).

ТҮГӨЙ *зат.* 1. Бир нерсенин жубу, пары. *Бир сменада 500 түгөй бут кийим ултарылды* (Сасыкбаев). *Ал дагы Алымдын түгөйү.*

2. Эрди-катындын бири; жуп нерсенин бири. *Туптунук сулуу келиндин Түгөйү баатыр болгон кез* (Бөкөнбаев).

ТҮГӨЙЛӨ *этиш.* Жупта, парла, экиден-экиден коюу. *Эки өгүздөн түгөйлөп Арабага чегишет* (Осмонкул).

ТҮГӨЙЛӨӨ түгөйлө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮГӨЙЛӨШ түгөйлүү менен бирдей.

ТҮГӨЙЛҮҮ *сын.* Жубу бар, пары бар, түгөйү бар. *Дүкөнчү эки түгөйлүү өтүк берди* (Сасыкбаев).

ТҮГӨЛ *такт.* Толук, бүт. *Багып жүргөн кырк тулпар Түгөл айдап келди дейт* («Эр Төштүк»).

ТҮГӨЛДӨ *этиш.* Бир нерсенин толук, толук эместигин билүү үчүн санап чыгуу, көз алдынан өткөрүү, түгөл экендигин аныктоо. *Көз чаптырып жылкыга, Кулунтайын түгөлдөп* (Үмөталиев).

ТҮГӨЛДӨӨ түгөлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮГӨЛДӨТ түгөлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮГӨН *этиш.* Азайып калбай калуу, жок болуу, бүтүү, калбай калуу. *Эт түгөнүп жаз болду, Азык-түлүк аз болду* (Тоголок Молдо). *Эки койдун туягы түгөнүп, турасы көрүнүп калыптыр* (Убукеев).

ТҮГӨНГҮР *сырд.* Жек көргөндө, капаланганда, же кубаттагандыгын билдирүү иретинде ж. б. колдонулат. *Түгөнгүрдүн көзүнө Түк этеме көрүнбөйт* («Эр Төштүк»). *Эрке үйрөнгөн түгөнгүр* (Мидин).

ТҮГӨНГҮС *сын.* Түгөнбөс, абдан көп, мол.

ТҮГӨНҮҮ түгөн этишинин кыймыл атоочу.

ТҮГӨТ I түгөнгүр менен бирдей.

ТҮГӨТ II *этиш.* Азайып жок болгуча керегине жаратуу, жок кылуу, жумшоо, аягына чыгуу. *Үйдөн келген азыгымды түгөттүм* (Бөкөнбаев). *Талатып малын түгөтүп, Акыры өзүн кор кылды* (Тоголок Молдо).

ТҮГӨТҮҮ түгөт этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЗ I *сын.* 1. Тегиз, өөдүк-сөөдүгү жок, уңкул-чуңкулу жок. *Түз талаа. Түз жер.*

2. Ийри-буйру эмес, кыйшык же иймейиңки эмес, шыргыйдай. *Түз жол. Түз көчө. Түз жыгач.*

3. Туптуура, тикеден-тике. *Кулбаш түз эле Ражабдын иштеп жаткан жерине барып түштү* (Абдукаримов).

4. Тегиз жер, мейкиндик. *Түздөн торгой чуркурап* («Сейтек»). *Мелтиреген түз экен, Бет алып качар бел да жок* («Манас»).

◆**Пейли түз же көңүлү түз** — пейли, көңүлү жакшы, ак ниет, калыс, жаман ою

жок. *Пейлиң сенин түз болсо, Бегимжанды беребиз* (Үсөнбаев). **Түз жүрүү** — ак ниет, калыс, адилет, туура жүрүү, жаман жолго түшпөө. *Ушак айтпай түз жүрүп, Уят болбой оокат кыл* (Токтогул). **Түз кылуу** — жоготуу, ойрон кылуу, кыйратуу, талкалоо. *Кабагы бийик заары күч, катылганды кылат түз* («Эр Төштүк»). **Колу түз** — ыргыткан нерсени таамай, мээлеген, болжогон жерге тийгизген. *О, Ашымдын колу түз экен, жыга койду* (Сыдыкбеков).

ТҮЗ II *этиш.* Жаратуу, куруу, уюштуруу. *Улуу Ленин түзгөн партия—жаңы типтеги партия болуп саналат* («Коммунист»).

ТҮЗДӨ *этиш.* 1. Тегиздөө, уңкул-чуңкул, өдүк-сөөдүк жерлерин оңдоп, тегиз абалга келтирүү, түзөө.

2. Белгилүү бир точкага карай түз багытоо, багыт алдыруу, түз абалга келтирүү. *Түздөбөй мерген ата албайт Түшөлбөй оору жата албайт* (Токтогул). *Шамбет аркандын учун казыкка түздөп тартып жатат* (Сыдыкбеков).

ТҮЗДӨЛ түздө этишинин туюк мамилеси.

ТҮЗДӨӨ түздө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЗДҮК *зат.* Түз жер, түз мейкиндик.

ТҮЗӨ *этиш.* 1. Тегиздөө, уңкул-чуңкул, өдүк-сөөдүк жерлерин түздөө. *Беш-алты киши конуш түзөп жатат* (Жантөшев).

2. *өт.* Тартипке салуу, оңдоо, түзүгүрөөк кебетеге келтирүү. *Тескери жолго басчуну Тезге салып түздүк* (Тоголок Молдо). *Артта калган колхозду түзөп жатабыз* (Мидин).

◆**Бой түзөө** — өлөр алдында жакшы болгон өңдүү көрүнүү, тыңыган сыяктуу болуу.

ТҮЗӨЛ түзө этишинин туюк мамилеси.

ТҮЗӨҢ *зат.* Тегиз жер, кичирээк түздүк. *Отуздан ашуун ат төмөнкү коктунун чиндеги түзөңдө* (Жантөшев).

ТҮЗӨӨ түзө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЗӨТ түзө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЗӨШ түзө этишинин кош мамилеси.

ТҮЗҮК *сын.* Жакшы, дурус, жаман эмес, жакшы дээрлик. *Сыртынан байкап сынасаң, сыпаты түзүк азамат* (Тоголок Молдо).

ТҮЗҮКТӨ *этиш.* Жакшы, түзүк абалга келтирүү, начар болуп чыкпагандай кылуу.

ТҮЗҮКТӨЛ түзүктө этишинин туюк мамилеси.

ТҮЗҮКТӨӨ түзүктө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЗҮЛ түз этишинин туюк мамилеси.

ТҮЗҮЛҮШ *зат.* 1. Түзүлүү системасы, биригиш ыгы, жолу. *Ыр түзүлүшү.*

2. Коомдун, мамлекеттин ж. б. башкаруу системасы, жол-жобосу, тартиби. *Коомдук түзүлүш. Советтик түзүлүш.*

ТҮЗҮҮ түз этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЗҮҮЧҮ *зат.* Куруучу; жаратуучу, иштеп чыгуучу. *Эл — тарыхтын чыныгы түзүүчүсү.*

ТҮЗҮШ түз этишинин кош мамилеси.

ТҮЙ *этиш.* 1. Жип-шуунун учун тоголок кылып байлоо, бекитүү, түйүн болгудай кылып байлоо. *Чарык жиптин бир учун түйүп, бир учун саптап алып көйнөгүн жамай баштады* (Мидин).

2. Түйүнчөк кылып ороп, байлоо. *Үчтөрт сомун жоолукка түйдү* (Сыдыкбеков).

3. Токуу, согуу. *Алима жүндөн жоолук түйдү* (Убукеев).

◆**Кабак түйүү** — капалануу; түнөрүңкү мүнөздө болуу. *Каныбек кабагын түйө, терең улутуна дем алды* (Жантөшев). **Сыр түйүү** — сырды ичине сактоо, жашыруу. *Сыр алышып, сыр түйгөн сырдашың келип саламга* (Токтогул). **Көңүлгө түйүү, акылга түйүү** *же* **көкүрөккө түйүү** — эсте сактоо, эстен чыгарбоо, унутпоо. **Мөмө түйүү** — мөмө алуу, мөмө байлоо. *Быйыл аз гана мөмө түйгөн алма жыгачы бир аз жылда мөмө төккөн кенчке айланат* (Сыдыкбеков). **Муштумун түйүү** — колдун манчаларын муштай тургансып жумуу. *Муслимахун муштумун түйүп, тишин кычыратып, комдоно калды* (Жантөшев).

ТҮЙГҮЗ түйдүр менен бирдей.

ТҮЙДӨК *зат.* Ийрүүгө ылайыктап созуп, тоголоктоп койгон жүн; топ-топ болуп уюлгуган абал (мис., чаң, булут). *Камка колундагы түйдөгүн эшип, токтолуп калды* (Сыдыкбеков). *Түйдөк-түйдөк чаң. Түйдөк-түйдөк булуттар.*

ТҮЙДӨКТӨ *этиш.* Сабалган жүндү ийрүүгө ылайыктап созуп туруп, тоголоктоп түрүү. түйдөк түрүнө келтирүү; чатышып, тоголоктошкон сыяктуу кебетеге келтирүү. *Бермет жуктун бурчунан жүн алып, түйдөктөй баштады* (Байтемиров).

ТҮЙДӨКТӨЛ түйдөктө этишинин туюк мамилеси.

ТҮЙДӨКТӨӨ түйдөктө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЙДҮР түй этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЙМӨ *зат.* Чүпүрөктөн тоголоктолуп жасалган топчу. *Кызылдан кийген күрмөнү, Кыркалай таккан түймөнү* («Семетей»).

ТҮЙНӨК *зат.* Ичеги түйүлүүчү ич оору. *Түйнөк болгон кой. Түйнөктөн өлгөн улак.*

ТҮЙРҮЙ *этиш.* Түйрүгүрөөк, түйрүк абалда болуу (мис., эрин); *Түйрүйгөн эрин.*

ТҮЙРҮК *сын.* Эрди калың жана сыртын карай имерилген, түйрүйгөн. *Түйрүк эрин.*

ТҮЙРҮЛ түйүр этишинин туюк мамилеси.

ТҮЙРҮҢДӨ *этиш.* Эрди-башын чүйрүңдөтүп, жактырбаган мүнөз көрсөтүү, бултуктоо.

ТҮЙРҮҢДӨӨ түйрүңдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЙТӨЙ *этиш.* Арыктап, кичирейип жүдөө, чүрүшкөн жүдөнкү көрүнүштө болуу. *Эзилген элдин кыздары жаштайынан карыгансып, маңдайын кат-кат басып, түйтөйүп жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

ТҮЙТӨҢДӨ *этиш.* Кыртышы сүйбөгөн, жактырбаган мүнөз көрсөтүү (түйтөйгөн кебетедеги адамга карата).

ТҮЙҮЛ *этиш.* 1. **түй** этишинин туюк мамилеси.

2. Булчуң, тарамыш ж.б. жыйрылуу. *Каныбектин каны ичине тартып, жаак этт.ери түйүлө баштады* (Жантөшев).

3. Өтө ылдам, тез жүрүү, ыргыштоо. *Тарс дегенде кара боз, Түйүлүп ыргып чуркады* («Эр Табылды»).

◆ **Тамакка түйүлүү** — тамак жегенде тамак кызыл өңгөчкө туруп калгансып сезилүү, шар өтүп кетпөө. *Суусап келип жуткан айран тамагыма түйүлүп калбадыбы* (Жантөшев).

ТҮЙҮЛДҮК *зат.* Жатындын же жумурткanын ичинде жаңыдан пайда болгон организм. *Түйүлдүк пайда болуу. Жумурткаңын түйүлдүгү.*

ТҮЙҮЛТ түйүл этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЙҮЛТҮҮ түйүл этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЙҮН I *зат.* 1. Жиптин, жоолуктун ж. б. байланган, түйүлгөн жери. *Ал аркандын түйүнүн чечти* (Мидин).

2. Жолдордун, байланыш каражаттарынын ж. б. кесилишкен, топтолушкан жери. *Темир жол түйүнү. Суу жолдорунун түйүнү.*

3. *өт.* Кандайдыр бир иштин, шарттын, сырдын ж. б. топтошкон жери, негизи, маңызы; сыр. *Жүрөктө табышмактуу сыр түйүнү көбөйө берди* (Абдыраманов). *Иштин түйүнү. Сөздүн түйүнү.*

ТҮЙҮН II түй этишинин өздүк мамилеси.

ТҮЙҮНДҮҮ *сын.* 1. Түйүнү бар, түйүнү көп. *Комуздун үстүнкү кылы түйүндүү болгондуктан, үнү анчалык жакшы чыкпады* (Жантөшев).

2. *өт.* Жашырын сырдуу, чечилүүнү талап кылган. *Каныбек түйүндүү бир сыр айтып жылмайды* (Жантөшев).

ТҮЙҮНЧӨК *зат.* Ичине бир нерсе оролуп байланган түйүн, түйүлүп, сыртынан оролуп байланып коюлган кичирээк таңгак, кичинекей таңылчак. *Салтанат кичирээк түйүнчөктөгү унун табакка салды* (Жантөшев).

ТҮЙҮР *этиш.* Сыртын карай имерүү, жыйруу, жээгин сыртын карай аңтара кайруу.

ТҮЙШҮК *зат.* Убара, убаракерчилик; азап, мээнет. *Беш чиедей баланы асыроо түйшүгү Мусабекке жеңил эмес эле* (Сасыкбаев). *Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк* (макал).

ТҮЙШҮКТӨН *этиш.* Убараланууу, түйшүк тартуу.

ТҮЙШҮКТӨНТ түйшүктөн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЙШҮКТӨНҮҮ түйшүктөн этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЙШҮКТҮҮ *сын.* Убарасы, кыйынчылыгы көп, мээнети көп, азаптуу. *Эртең аны түйшүктүү иш күтүп тургансыйт* (Шимеев).

ТҮК I *зат.* 1. Адамдын, жан-жаныбарлардын денесиндеги майда жүн, кыска кыл. *Ат оонаган жерде түк калат* (макал). *Бала болуп башыма түк чыкканы мындай шумдукту көргөн жан эмесмин* («Эр Табылды»).

2. Кээ бир кездемелердин, материалдардын сыртына чыгып турган кыска түктүү бөлүгү. *Тукабанын түгү. Түгү жок кездеме.*

3. *өт.* Мал. *Атанын жаман көргөн уулу түк күтөт* (макал). *Түк күтпөгөн кедей.*

◆ **Түк бүткөн сайын калтыроо** — байыган сайын дүйнөгө кароо болуу, сараң болуп кетүү.

ТҮК II *такт.* Такыр, эч. *Бул менин түк оюмда жок эле* (Сасыкбаев). *Түгөнгүрдүн көзүнө Түк эчтеке көрүнбөйт* («Эр Төштүк»). *Ушунчалык көшөрүп алган экен, түк сөз укпайт* (Байтемиров).

ТҮК III: түк-түк этүү — түрс-түрс, дүк-дүк эткендей туюк дабыш чыгуу.

ТҮКСӨЙ түксүй менен бирдей.

ТҮКСҮЙ *этиш.* 1. Беттен түк чыгып же үрпөйүңкү көрүнүштө болуп көрүнүү, чачы иретсиз үрпөйгөн кебетеде болуу. *Каалгадан түксүйгөн бетин чыгарып Сабхаттын баласы көрүндү* (Сасыкбаев). *Түксүйгөн чач. Түксүйгөн мурут.*

2. *өт.* Ачуусу келүү, каарданган кебетеде болуу, кабагын бүркөө. *Сабырга Омор түксүйө карады* (Сыдыкбеков). *Каарданып түксүйүп, Көкдөөнүн жини кармады* («Эр Төштүк»).

ТҮКСҮЙТ түксүй этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮКСҮЙҮҮ түксүй этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКТӨ *этиш.* Тышкы кабыгынан ажыратуу (мис., арпаны). *Түктөп жиберип арпаны, Кебегин атала чалып бергендир* («Манас»).

ТҮКТӨЙ түксүй менен бирдей.

ТҮКТӨӨ түктө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКТҮЙ түксүй менен бирдей.

ТҮКТҮҮ *сын.* Түгү бар, түгү калың.

ТҮКҮЛДӨ *этиш.* Түрсүлдөө, түк-түк эткен, түрсүлдөгөн дабыш чыгуу. *Кээде кош сок билектей уран сокунун табышындай түкүлдөйт* (Жантөшев).

ТҮКҮЛДӨӨ түкүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКҮЛДӨТ түкүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКҮЛДӨТ түкүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮКҮР *этиш.* 1. Шилекейди же ооздогу башка шилекей аралашкан нерселерди оозунан чыгарып таштоо. *Көп түкүрсө көл болот* (макал). *Өздө карай түкүрсөң, кайтып түшөр көзүңө* (макал).

2. Бүбү, бакшы, дарымчылар оозундагы сууну бүркүү жолу менен ооруну дарылоо.

ТҮКҮРГҮЧ *зат.* Какырык менен түкүрүк таштоочу идиш.

ТҮКҮРТ түкүр этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮКҮРҮК *зат.* Түкүрүп ташталган шилекей, керексиз зат. *Өтүкчүнүн үйү апырык менен сапырык, насыбайчынын үйү какырык менен түкүрүк* (макал).

ТҮКҮРҮҮ түкүр этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКҮРЧҮ *зат.* Оорулуу же жылан, кара курт ж. б. чаккан адамдарды суу бүркүп дарылоочу дарымчы.

ТҮКШҮМӨЛ *зат.* Болжол, жоромол. *Түкшүмөл сөз.*

ТҮКШҮМӨЛДӨ *этиш.* Болжоп, жоромолдоп ой жоруу. *Түкшүмөлдөп билүү. Түкшүмөлдөп айтуу.*

ТҮКШҮМӨЛДӨӨ түкшүмөлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮКШҮМӨЛДӨТ түкшүмөлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЛКҮ *зат.* 1. Иттер тукумуна кирүүчү сүт эмүүчү жырткыч айбан. *Далбага бүркүт айланса, Калтар түлкү булактап, Канжыгага байланса* (Үсөнбаев).

2. *өт.* Куу, кытмыр, митаам. *О, курбум, ишенбегин алдап кетет, Ал күлгөн булаңдаган карган түлкү* (Аалы).

◆**Түлкү куумай** — балдар оюнунун аты.

ТҮЛӨ *этиш.* 1. Жан-жаныбарлардын, канаттуулардын эски жүндөрү түшүү. *Тайкулундар даң салып, Даакылары түлөсүн* (Осмонкул). *Кайра түлөп тармалдап, Селкилдеди чуудасы* (Аалы).

2. Теринин үстүнкү кабаты, кабыгы сыйрылып түшүү. *Түлөгөн бет. Жыландын түлөгөн кабыгы.*

◆**Түлөгөн тайлактай** — кийими жыртык, самсаалаган, тамтыгы жок.

ТҮЛӨК *зат.* Кыраан куштардын түлөгөн, бир жылдан ашкан кези; канча жолу түлөгөндүгүн көрсөтүүчү жаш өлчөмү. *Түйгундун көркү түлөктө, Баатырдын көркү жүрөктө* (Токтогул).

◆**Бозум түлөк** — бир түлөп, экинчи жашка караган бүркүт. **Таш түлөк** — эки түлөгөн бүркүт. **Кум түлөк** — үч түлөгөн бүркүт. **Ым түлөк** — төрт түлөгөн бүркүт. **Ыл түлөк** — беш түлөгөн бүркүт.

ТҮЛӨӨ I *зат. эс.* Кандайдыр бир жакшылык тилек менен мал арнап союлган курмандык. *Ак сарбашыл кой айтып, Түлөөнү да чалалы* (Жантөшев).

ТҮЛӨӨ II түлө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮЛӨТ түлө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮЛҮК: төрт түлүк — малдын түрлөрү боюнча жылкы, уй, төө жана кой-эчкинин жалпы аталышы. *Жайлоодо жатат чардашып, Төрт түлүк чарба малыңар* (Осмонкул)

◆**Төрт түлүгү шай** *же* **төп** —бардыгы тегиз шайма-шай; бардыгы бар, толук, жетиштүү. **Азык-түлүк** *к.* **азык.**

ТҮМӨН *сын.* 1. Сансыз, абдан көп, миң сан. *Бирдики—миңге, миңдики—түмөнгө* (макал). *Түрдүү түмөн чөптөр сеңселди* (Жантөшев).

2. Он **миң.**

ТҮМӨНДӨ *этиш.* Сансыз болуу, эң эле көп санда болуу. *Большевиктердин артында эзилген шордуулар түмөндөп түрүлүп келе жатты* (Жантөшев).

ТҮМӨНДӨӨ түмөндө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮМӨНДӨТ түмөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮМПҮЙ *этиш.* 1. Төмпөйүп туруу, төмпөйгөн көрүнүштө болуу.

2. Таң ата баштоо, таң атууга жакын калуу. *Таң түмпүйүп калганда, Оргуп-оргуп чаң чыгат* («Манас»).

ТҮН *зат.* Сутканын иңир киргенден таң атканга чейинки мезгили. *Иңир басып, түн кирет* (Аалы). *Түн. Ай сүттөй жарык* (Баялинов). *Түн ортосу эчак ооган* (Баялинов).

ТҮНДӨСҮ *такт.* Түнкүсүн, түн ичинде. *Түндөсү Чоко жол тосот* (Жантөшев).

ТҮНДӨТӨДӨН түндөтөн менен бирдей.

ТҮНДӨТӨН *такт.* Түндөн бери, түн киргенден бери.

ТҮНДҮК I *зат.* 1. Боз үйдүн төбөсүндөгү ууктун учтары киргизилип тиреп туруучу тегерек жыгач. *Түндүгүнө уук сайоу. Түндүк жасаган уста.*

2. Боз үйдүн ушул бөлүгүнө жабылуучу кийиз жабуу. *Чырак эшикке чыгып, боз үйдүн түндүгүн тартып келди* («Жомоктор»).

ТҮНДҮК II *зат.* Жер шарынын төрт тарабынын бир жагы, түштүк тараптын карама-каршы жагы. *Түндүк, түштүк, батыш, чыгыш жагында, Асман тиреп, Ала-Тоолор заңкайган* (Калык). *Түндүк-чыгыш. Түндүк-батыш.*

ТҮНДҮК III *зат.* Жипке тизилген шурунун узундук чени, өлчөмү. *Бир түндүк шуру. Эки түндүк шуру. Үч түндүк шуру.*

ТҮНДҮКЧҮ *зат.* Түндүк жасоочу уста. *Шарип жакшы түндүкчү.*

ТҮНКҮ *такт.* Түн мезгилиндеги, түн ичиндеги; түн ичинде иштөөчү. *Түнкү саат он. Түнкү смена.*

ТҮНКҮСҮН *такт.* Түн ичинде, түн убагында. *Курсагы тоюп, түнкүсүн жамбашынан сыз өтпөсө, кой жарыктык кыштын суугуна да моюн бербейт* (Убукеев). *Түнкүсүн өтө сак болгун, Уйку душман эмеспи* (Жантөшев).

ТҮНӨ *этиш.* Конуу, түнкүсүн жатып калуу, түндү өткөрүү. *Өңчөй карып элдерге Түнөп кетип барамын* (Токтогул). *Атым жүрбөй бир сайда, Талаага түнөп калганмын* (Калык).

ТҮНӨК *зат.* Канаттуулардын түн ичинде конуучу жери; түнөп чыгуучу, түнкүсүн жатуучу жайы. *Тоокторду иңирде түнөгүнөн кармамак болушту* (Каимов). *Мамбеткул койду түнөккө имерип койду* (Абдумомунов).

ТҮНӨӨ түнө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮНӨР *этиш.* 1. Караңгы тартуу, ачык болбой карара баштоо, бүркөлүү, күүгүмдөнүү. *Асман түнөрүп, үйгү-түйгү жаап келген* (Жантөшев). *Айыл жакты караба, Тоо жак түнөрөт эле түнөрөт* (Шүкүрбеков).

2. *өт.* Кабагын бүркөө, каардуу кейипте болуу. *Үй ээси түнөргөндөн кийин, эч ким сүйлөбөй, үй ичинин үрөйү кетти*

Қаимов). *Элемандын Төштүгү Карагандан түнөрдү* («Эр Табылды»).

ТҮНӨРТ түнөр этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮНӨРҮҮ түнөр этишинин кыймыл атоочу.

ТҮНӨТ түнө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮНТ *сын.* 1. Калың, чытырман, жыш (мис., токой). *Карагайдын түнт жерлерин аралап, Бугу турат, боюн күүлөп даңкайып* (Осмонкул). *Тетиги коктунун тескей тарабы калың арча, арасы адам өткүс түнт* (Жантөшев).

2. Сөзгө сараң, көп сүйлөбөгөн, ичим тап (адам жөнүндө). *Жылдызкан барган сайын түнт болуп, кабагы ачылбайт* (Байтемиров).

ТҮНҮНДӨСҮ түндөсү менен бирдей.

ТҮНҮНКҮСҮН түнкүсүн менен бирдей.

ТҮНҮЧҮНДӨ *такт.* Түнкүсүн, түн ичинде.

ТҮҢҮЛ *этиш.* Үмүт үзүү, күдөр үзүү. *Түңүлбөсөң, энеке, Түбүндө жарайм керекке* (Токтогул).

ТҮҢҮЛДҮР түңүлт менен бирдей.

ТҮҢҮЛТ түңүл этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮҢҮЛҮҮ түңүл этишинин кыймыл атоочу.

ТҮП I *зат.* 1. Кандайдыр бир тереңдик абалындагы нерсенин төмөн жагы, асты жагы, төмөнкү бөлүгү. *Деңиздерин чайпалтып, Суу түбүнөн чабабыз* (Аалы).

2. Идиштердин жерге тийип туруучу астынкы бөлүгү, асты жагы. *Ал көрсө, мор ордуна коюлган түбү түшкөн карапа тура* (Сыдыкбеков).

3. Тамак жегенде калган же атайын калтырылган тамактын калдыгы, кешик. *Табактын түбү. Түп калтыруу. Түп калтырбоо. Түбүн ичүү.*

4. Өсүмдүктүн жерге батып турган тамыры, бөлүгү. *Агызамын түптөрүнө Тоонун тунук суулары чан* (Маликов). *Түптүү терек карагай Түбү менен жулунган* (Тоголок Молдо).

5. Өсүмдүктүн, жыгачтардын, бадалдын өсүп турган айрым даанасы, өзүнчө бир тобу. *Короонун ортосунда эки түп абрикос, бир түп шабдалы, уч түп жүзүм бар* (Жантөшев).

6. Бактын, үйдүн ж. б. жакын айланасы, жаны, тегерегі. *Карагайдын түбүн таап отура турсак кантет?* (Жантөшев). *Бекен булактын түбүнө келип отуруп, ойго чумуп кетти* (Каимов).

7. Акыры, эң аягы. *Тартпай койбойт түбүндө Телтору аттын чалымын* (Жантөшев). *Сабырдын түбү сары алтын* (макал).

8. Тек, ата-баба, түпкү теги, тукуму. *Түп атаңыз Түгөл алп, Ушу турган Күлчоро Ойлосоң, уулум, атаңыз* («Сейтек»).

◆ **Түп көтөрө к. көтөр. Түбүнө жетүү** 1 жок кылуу, ойронуну чыгаруу, жоготуу; 2. кыйын абалга дуушар кылуу, жамандык кылуу, кызматтан түшүшүнө, уят болушуна ж. б. себепчи болуу. *Балам, менин түбүмө жеткен баягы сөзүң болду — деп, атасы түбөлүк көзүн жумду* («Жомоктор»).

ТҮПКҮ *сын.* 1. Кандайдыр бир нерсенин түп жагындагы, эң асты жагындагы.

2. Алгачкы, чыккан теги боюнча. *Түпкү атабыз кыргызстан, Запкыны көрдүк турмуштан* (Токтогул).

3. Акыркы, акырында боло турган.

ТҮПКҮЛҮК *зат.* 1. Түпкү негизи. *Көрсө Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен* (Айтматов).

2. Акыры, акыр аягы. *Ырдай берет кедейлер, Түпкүлүк менин ишим оң* (Барпы).

ТҮПКҮЛҮКТҮҮ *сын.* Туруктуу, түбөлүктүү. *Бул Алмамбет болот го Түпкүлүктүү жолдошум* («Манас»).

ТҮПКҮР *зат.* Абдан тереңдеп, арылап кеткен тереңдиктин эң түпкү, түп жагы. *Карабек үңкүрдүн түпкүрү жактагы таштын үстүндө бүрүшүп отурган Жамалды көрдү* (Жантөшев). *Алты баладан бир бригада түзүлүп, шахтанын түпкүрүндө иштеп жатышат* (Сасыкбаев).

ТҮПКҮЧ *зат.* Казандын түбүнө коюуга ылайыкталып жасалган тегерек алкак. *Кемегенин жанында түпкүчтө казаны турат* («Ала-Тоо»).

ТҮПӨЙҮЛ: жүрөгү түпөйүл болуу — 1) жүрөк кысылгандай, кандайдыр тирелип тургандай же тамак сиңбей өйүп тургандагыдай абалда болуу. *Кычандын жүрөгүн түпөйүл басканы менен көңүлү сергек* (Бейшеналиев); 2) бушайман болуу, санаасы тынбаган, чочулаган, шекшинген абалда болуу.

ТҮПӨК *зат.* 1. Жылкынын куйругунун түбүнө жакыныраак айланта кертмек кылып кыркылган кылы.

2. Найзанын уч жагына тагылуучу топ кыл. *Найзанын түпөгүн үзүп саламбы?* («Семетей»).

ТҮПӨКТҮҮ *сын.* Түпөгү бар, түпөк тагылган. *Түпөктүү найза булгалап, Тик качырып жөнөдү* («Курманбек»).

ТҮПСҮЗ *сын.* 1. Түбү жок, абдан терең. *Түпсүз деңиздей, түнкү асман көгөрөт* (Жантөшев). *Тереңи түпсүз көлдөргө Темир тон кийип түшө алдык* (Нуркамал).

2. Тексиз, теги начар.

ТҮПТӨ *этиш.* 1. Түбү түшүп калган идиштердин ж. б. нерселердин түбүн бүтөө, түп салуу. *Түптөгөн чака.*

2. Кээ бир өсүмдүктөрдүн топурагын жумшартып, түбүнө үйүү. *Топурак жумшак кезинде, Туура го түптөп салганым* (Маликов).

3. Түп жасоо, түбүн бириктирүү. *Мен болсом сыык нан үчүн китеп түптөймүн* (Аалы).

4. Түбүн куруу, фундаментин куруу.

5. *өт.* Негиздөө, негиз салуу.

ТҮПТӨЛ түптө этишинин туюк мамилеси.

ТҮПТӨН түптө этишинин өздүк мамилеси.

ТҮПТӨӨ түптө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮПТӨТ түптө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮПТҮҮ *сын.* 1. Түбү бар, түбү чоң, түбү бекем, бекем орунтук алган. *Түптүү чымды аңтара салыш үчүн, Мөкүш күч менен кетменди шилтеп-шилтеп калды* (Таштемиров).

2. Тектүү, теги мыкты.

ТҮР I *зат.* 1. Кебете-кейип, өң-түс, көрүнгөн кебете, көрүнүш. *Түрүнөн шек таба албады* (Байтемиров). *Эненин түрү ушунчалык өзгөрүп, купкуу* (Байтемиров). *Түрү түркүм кызгалдак Жашыл майдан туш тарап* (Нуркамал). *Көзүн салып жан жакка Жердин түрүн көрүштү* («Эр Табылды»).

2. Оюу-чийүү, орнамент. *Килемдин көркү ачылат Кооздоп сайган түр менен* (Осмонкул).

ТҮР II *этиш.* 1. Бир нерсени түрмөктөп ороо, бир нече ирет кайрып ороо, жыюу, жыйыштыруу. *Түргөн чийдей кылып бирине бирин тегиз койгон жууркандар бир топ* (Сыдыкбеков).

2. Четин кайруу, этегин кайра кайруу. *Ал жеңил кийимчен, тумактарын түрө кийишкен* (Каимов). *Токтогул жеңин түрүп коюп, өзүнүн жаңы чыгарган күүсүн черте баштады* (Бөкөнбаев).

◆ **Кулак түрүү** — бир нерсени угууга ынтызар болуу, угууга дилгир болуу, дит коё тыңшоо. *Ажар улам тышка кулагын түрөт* (Жантөшев).

ТҮРГӨК түрмөк менен бирдей.

ТҮРГҮЗ түрдүр менен бирдей.

ТҮРДӨ *этиш.* 1. Ар түрдүү кылуу, ар түрдүү түргө, формага, көрүнүшкө келтирүү. *Пахта ээлеген талаага Аткан таң түрдөп нур сепкен* (Турусбеков).

2. Оюу-чийүү түшүрүү, түр салуу. *Кызкелини баары уста Килем сайып түрдөгөн* (Осмонкул).

ТҮРДӨН *этиш.* Ар түрдүү түргө, формага, көрүнүшкө келүү; көрүнүү, өзгөрүү, кубулуу, кебетеленүү, сыяктануу. *Көгүш жайлоо Көк-Ойроктун Көркү чыгар, түрдөнөр* (Бөкөнбаев). *Ак куу моюн тоодак төш Аппак каздай түрдөнөт* (Осмонкул). *Кырып ийчү түрдөнүп, Атпанар болду ширси* («Саринжи—Бөкөй»).

ТҮРДӨНТ түрдөн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРДӨНҮҮ түрдөн этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРДӨӨ түрдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРДӨТ түрдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРДӨШ I *сын.* Түрү окшош, түрү бирдей.

ТҮРДӨШ II түрдө этишинин кош мамилеси.

ТҮРДҮР түр этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРДҮҮ *такт.* Ар башка, ар түркүн, башка-башка, ар кандай, бирдей эмес. *Дасторкон жайылып, анын бети түрдүү тамакка толду* (Байтемиров). *Парктын ичинде жайкалган көк чөп, кулпурган ар түрдүү гүлдөр* (Каимов).

ТҮРДҮҮЛӨ *этиш.* Ар түрдүү түскө, формага келтирүү, бир өңчөй кылбастан, ар түрдүү кылуу. *Түрдүүлөп боёо. Түрдүүлөп коюлган тамак.*

ТҮРДҮҮЛӨТ түрдүүлө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРДҮҮЧӨ *такт.* Ар башкача, ар түркүн. *Түрдүүчө кийинүү. Түрдүүчө боёо.*

ТҮРКӨЙ *сын.* Окубаган, карацгы. *Мен окубаган түркөй адаммын* (Сыдыкбеков).

ТҮРКӨЙҮ түркөй менен бирдей.

ТҮРКҮК *зат.* 1. Тирөөч, мамы. *Алтын түркүк чатырдан Айдай катын жеңеңе Акырын басып келди ошол* («Сейтек»). *Сейит түркүктө байланып турган атты көздөй басып кетти* (Абдукаримов).

2. *өт.* Таяныч, тирек. *Кат артына караса, Калың журттун түркүгү Эр Семетей аты экен* («Сейтек»).

ТҮРКҮМ *зат.* 1. Топ, группа. *Шахтёр-командир советтик бийликти куруу доорундагы өз башынан өткөн окуялардын дагы бир түркүмүн сонун элестетти* (Сасыкбаев).

2. Түрдүү, ар кандай, түркүн. *Түркүм сөздөр чыга баштады* (Жантөшев). *Атасы таанып билбеген, Түркүм-түркүм эл басты* (Жантөшев). *Канаттуулар түркүм сонун күүгө салып сайрашты* (Жантөшев).

ТҮРКҮМДӨ *этиш.* Ар түркүм болуу, ар түркүн болуу. *Анын көңүлүндөгү ойгутуйгу уламдан-улам түркүмдөп күч алат* (Жантөшев).

ТҮРКҮМДӨЛ түркүмдө этишинин туюк мамилеси.

ТҮРКҮМДӨН түркүмдө этишинин өздүк мамилеси.

ТҮРКҮМДӨӨ түркүмдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРКҮМДӨТ түркүмдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРКҮН *сын.* Түрдүү, ар башка, ар кандай, ар түркүн. *Түркүн-түркүн кубулат Тоту куштун жүнүндөй* (Осмонкул). *Эчен түркүн талаштарга катышып, Эчен сонун эстеликтер сактадык* (Аалы).

ТҮРКҮМДӨН түркүмдө менен бирдей.

ТҮРЛӨН түрдөн менен бирдей.

ТҮРЛҮҮ түрдүү менен бирдей.

ТҮРМӨ *зат.* 1. Соттолуп, эркинен ажыраган адамдарды, ошондой эле тергөөдө жаткан адамдарды камоочу жай. *Боздоп ыйлап түрмөдө Жаткан болчу Токтогул* (Токтогул).

2. *өт.* Турмуштун запкысын тартып, кыйынчылыкта калган абал; эрксиздик. *Капиталист жашап турган өлкөдө эмгекчил элдин өмүрү караңгы түрмөдө* (Сыдыкбеков).

ТҮРМӨК *зат.* 1. Бир нерсенин түрүлгөн тобу; түйдөк. *Алымкул колуна кандайдыр бир кагаз түрмөгүн көтөрүп чыркап келди* (Абдукаримов). *Бир түрмөк жип.*

2. Бир топ, белгилүү бир топту өз ичине алган бөлүк.

ТҮРМӨКТӨ *этиш.* Бир нерсени түрмөк кылып түрүү, ороо. *Түрмөктөгөн жип. Түрмөктөгөн кагаз.*

ТҮРМӨКТӨЛ түрмөктө этишинин туюк мамилеси.

ТҮРМӨКТӨН түрмөктө этишинин өздүк мамилеси.

ТҮРМӨКТӨӨ түрмөктө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРМӨКТӨТ түрмөктө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРМӨЧҮ *зат.* Түрмө кызматчысы, түрмө кайтаруучу адам. *Токтогулдун таасири камактагылардын ортосунда күчтүү экенин билип, түрмөчүлөр акынды аябай кыйноого салышкан* (Бөкөнбаев).

ТҮРПҮ I *зат.* Ири быдырлуу, көбүнчө жыгач сүрүү үчүн колдонулуучу өгөө.

ТҮРПҮ II *зат.* Кичине балыктын бир түрү жана ошол балыктын кабыгы. *Каңылтыр, сазан, түрпү, чабактар биздин көлдө көп болот* (Аалы).

ТҮРПҮЛӨ *этиш.* Түрпү менен сүрүү, түрпү менен өгөөлөө.

ТҮРПҮЛӨӨ түрпүлө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРС *туур.* Бир нерсенин жерге катуу урулганындай, жерге катуу тийгендей күңүрт чыккан дабышты, дүбүрттү билдирүү үчүн колдонулат. *Түрс эткен дабыш. Жүрөк түрс-түрс согуу.*

ТҮРСҮЛ *зат.* Түрсүлдөгөн дабыш, түрс-түрс соккон дабыш.

ТҮРСҮЛДӨ *этиш.* Түрс-түрс эткен дабыш чыгаруу, чыгуу, түрс-түрс этүү. *Эшик түрсүлдөй түшүп, каалга ачылып калды* (Бейшеналиев). *Жүрөгүм согот түрсүлдөп* («Эр Табылды»).

ТҮРСҮЛДӨК *зат.* Түрсүлдөп чыккан дабыш, үн.

ТҮРСҮЛДӨӨ түрсүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРСҮЛДӨТ түрсүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮРТ *этиш.* 1. Кол менен же башка жол менен күч жумшап ордунан козгоо, жылдыруу, арылатуу, итерүү; нукуу. *Эшиктен кирип келген солдат Михаилди желкеге түртө айдап чыгып кетти* (Жантөшев). *Кимдир бирөө аны түртүп өттү* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Иштин жылышына жардамчы болуу, себеп, түрткү болуу. *Мына ушул абал Токтогулду үйлөнүүгө түрттү* (Бөкөнбаев).

ТҮРТКҮ *зат.* 1. Түртүндү, ар кимдин түртүп, жөөлөп кетүүсүнө туш келген абал. *Бир кезде калың элдин ортосунда ар кимдин түрткүсүндө калыптырмын* («Ала-Тоо»).

2. Кандайдыр бир иштин алга жылышына, аткарылышына жардамчы болуучу аракет, себеп. *Жакшы окуп, өндүрүштө мыкты иштеген жаштарды дубал газеталарга чыгарып туруу башкалардан да жакшы окушуна түрткү берет* («Кыргызстан аялдары»).

3. Жектөөгө, түрткүнчүккө калган абал. *Уч жашымдан түрткү жеп, Мусапыр болуп куурадым* (Токтогул).

ТҮРТКҮНЧҮ *зат.* Түрткү берүүчү, алга жылдыруучу, иштин жүрүшүнө таасир берүүчү, козгоочу.

ТҮРТКҮНЧҮК *зат.* Туш-туштан түрткүгө калган абал, жек көрүндү. *Козусунда чөпкө тойбогон, токтусунда да түрткүнчүк* (макал).

ТҮРТҮҮ түрт этишинин кыймыл атоочу.

ТҮРТҮШ түрт этишинин кош мамиле си.

ТҮРҮЛ түр этишинин туюк мамилеси.

ТҮРҮМ *зат.* Белгилүү бир түрмөк өлчөмү, нерсенин түрүлгөн түрмөгү. *Бир түрүм жип.*

ТҮРҮН түр этишинин өздүк мамилеси (2-маанисинде).

ТҮРҮҮ түр этишинин кыймыл атоочу.

ТҮС *зат.* 1. Белгилүү бир өң, ыран. *Антпестен бир гана түс болсун үчүн, Бардыгын кызыл менен боёр элем* (Осмонов).

2. Кебете, түспөл, көрүнүш, түр. *Кийими, түсү анын далай белгиси Малдын эзси эместигин билдирди* (Аалы). *Жигиттин түсүн айтпай, ишин айт* (макал).

ТҮСПӨЛ *зат.* Кебете, кейип, түс, бир нерсенин көрүнүшү, түрү. *Күлүкандын сырт түспөлүнө көз салып,.. кандайдыр белгисиз күч жүрөгүн жылыткан* (Жантөшев). *Шаарлардын, жумушчу поселоктордун, колхоздук селолордун түспөлү өзгөрүп жатат* («Коммунист»).

ТҮСПӨЛДӨН *этиш.* Белгилүү бир кебетеде, түспөлдө болуу, окшош болуу.

ТҮСПӨЛДӨНТ түспөлдөн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮСПӨЛДӨШ *сын.* Түспөлү окшош, кебетеси, көрүнүшү окшош. *Эл айткандай, Мукай баарынан атасына түспөлдөш* (Таштемиров).

ТҮСПӨЛДҮҮ *сын.* Белгилүү бир түспөлдө, түспөлү окшош. *Теңге чөпкө конгон ак көпөлөк түспөлдүү татынакай бир элес көзүмө чалдыкты* («Ала-Тоо»).

ТҮССҮЗ *сын.* Белгилүү бир түстө экендиги байкалбаган, түсү жок. *Түссүз газ.*

ТҮСТӨН *этиш.* Түсү, кебетеси жагынан окшоо, окшош болуу.

ТҮСТӨНТ түстөн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮСТҮҮ *сын.* 1. Кандайдыр бир түстө, өңдө, кызыл, сары, жашыл ж. б. сыяктуу белгилүү бир түсү бар. *Түстүү металлдар. Түстүү карандаш.*

2. Өңдүү, кебетелүү, сулуу. *Аялы Бурма болсо, өңдүү, түстүү, оокатка камбыл, шайыр киши болгон* (Бөкөнбаев).

ТҮТ I *сырд.* Тооторду айдоодо колдонулат.

ТҮТ II *этиш.* Чыдоо, чыдамдуулук кылуу, туруштук берүү. *Жүрөк түттү, Согуш бүттү, Элим жеңди душманды* (Нуркамал). *Айбатына жан түтпөс, Баатырлардын бири экен* («Манас»).

ТҮТКӨР түт этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮТӨ *этиш.* 1. Жалындап күйбөй түтүн чыгуу, түтүн чыгаруу, быкшуу. *Жер кемегелер түтөп, ар кайсы кемегенин жанында кой союлуп жатат* (Бөкөнбаев). *Билигин көтөрсө ыш түтөйт* (Сыдыкбеков).

2. Чирип, упурап бузула баштоо. *Жаанда калган чөптөр түтөп кетиптир.*

◆**Каңырыгы түтөө** *к.* **каңырык.**

ТҮТӨГҮҮ түтөк этишинин кыймыл атоочу.

ТҮТӨК I *зат.* Көбүнчө бийик тоолуу жерде дем алуусу кыйындаган, кыстыккан абал, оору. *Түтөк болуп кокустан, Жалгыз кулун калбасын* («Эр Табылды»). *Топоз түтөккө чыдамдуу келет* («Айыл чарба»).

ТҮТӨК II *этиш.* Көбүнчө бийик тоолуу жерлерде дем ала албоо, деми кыстыгуу. *Акбар түтөгүп баратамбы деп чочулады* (Убукеев).

ТҮТӨКТҮР түтөк этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮТӨӨ түтө этишинин кыймыл атоочу.

ТҮТҮ: түтү-түтү *сырд.* Тоокту чакырууда колдонулат.

ТҮТҮК *зат.* 1. Камыштай ичи көңдөй зат, труба, шланг. *Казылып борбор көчө түпсүз, терең Тереңге чоюн түтүк түштү белен* (Аалы). *Дал ушул жерди оюп, суу түтүгүн ортого салгыла* («Чалкан»).

2. Үйлөө аркылуу ойнолуучу музыкалык курал, инструмент. *Жез түтүк үнү чыркырап, Жез най үнү дыркырап* («Манас»). *Сары жыгач түтүк жасатып, Сайраттың кыяк, чоорду* (Осмонкул).

ТҮТҮН *зат.* 1. Күйүүдөн пайда болуп, абага көтөрүлүп чыккан газ түрүндөгү заттардын жыйындысы. *Күн чыга ар бир үйдөн суйдаң, көгүш түтүн булай баштады* (Қаимов). *Күж-күж этип, Түтүн бүркүп, Даяр турат паровоз* (Уметалиев).

2. Өз алдынча бир үй-бүлө, өзүнчө бир үй эсебиндеги чарба бирдиги. *Бул эки-үчтөбүздү жаңы түтүн эсебине каттады* (Жантөшев). *Эки жүз түтүн эли бар, Эпкиндүү кыйын кеби бар* («Эр Табылды»). *Түтүнү бөлөктүн — түйшүгү бөлөк* (макал).

◆**Түтүнмө-түтүн** — үй баш сайын, ар бир үй сайын. *Түтүнмө-түтүн кыдырып, Курсагы ашка тоюнду* (Тоголок Молдо).

ТҮҮ *сырд.* 1. Бир нерсеге кыжырланганда, таң калганда, өкүнгөндө колдонулат. *Түү, ушундай да кунаса киши болот экен а!* (Абдукаримов).

2. Түкүргөндүктү билдирүү иретинде колдонулат.

ТҮШ I *зат.* Уктап жатып өңүндөгү сыяктуу сезилген элестер. *Чочуп Эркекыз көз ачса, түшү экен* (Байтемиров). *Токтун түшүнө таруу кирет* (макал).

ТҮШ II *зат.* Күн чыккандан батканга чейинки мезгилдеги убакыттын дал ортосу, болжол менен күндүзгү саат он экиге туура келүүчү убакыт. *Түш оop кеткен мезгил* (Абдукаримов). *Татыбек эшикке чыкканда күн түш эле* (Байтемиров).

ТҮШ III *этиш.* 1. Жогорудан, тоодон ж. б. төмөн карай багыт алуу, ылдыйлоо. *Эртеңден баштап кырманчылардан башка иштөөчүлөр тоодон жакага түшөт* (Касымбеков). *Машина дагы өйдө чыгып, ылдый түштү* (Сасыкбаев). *Кымыз серке чанактын колуна дейре түшө түштү* (Сыдыкбеков).

2. Ат үстүндө, транспортто ж. б. отурган абалдан жер баскан абалга, жерде турган абалга өтүү. [*Кычан*] *кунандан ыргып түштү* (Бейшеналиев). *Келип түштү Солтобай Кулжыгачтын айлына* («Олжобай менен Қишимжан»).

3. Транспорттун же башка бир нерсенин ичинен орун алуу. *Ак жоолугун делбиретип, жолоочулар түшкөн машинаны узатып турат* (Сыдыкбеков).

4. Ажыроо; кулоо; бөлүнүү. *Тиш түшкөндө тил калат, Сүйлөй албай балдырап* (Токтогул). *Күзүндө апорттор топ-топ түшүп турбаса мага кел — деди* (Сыдыкбеков). *Сырыңдын баары түшүптүр, Болгон окшойт бир заман* (Токтогул).

5. Башталуу, болуу. *Кыш түштү. Суук түштү. Караңгы түштү.*

6. Басуу, каптоо. *Чүйдүн талаасына боз түшүп турду* (Бөкөнбаев).

7. Белгилүү бир деңгээлден төмөнүрөөк абалда болуу. *Кыздардын чачтары беш өрүм болуп жаагынан түшүп турса, кандай жарашчу эле* (Сыдыкбеков).

8. Қабылуу, капканга, тузакка ж. б. кармалуу, дуушар болуу, туш келүү. *Жайган торго чалынып, Торго түштүң, турумтай* (Тоголок Молдо). *Көп жойлогон түлкү капканга түшпөй койбойт* (макал).

9. Тереңдикке, бир нерсенин ичине кирүү; ортосунда, арасында болуу. *Ал эми кожоюн жумушка алып, шахтага түшкөндөрдүн чекеси жылыйт дейсиңби* (Сасыкбаев). *Бир күдайдын эркеси Жер алдына түшкөнү* («Манас»).

10. Изи, тагы калуу, сүрөтү, элеси тартылып калуу. *Эки күн илгери.. ушул жылгадан Абдылда жаңы түшкөн аттын изин көргөн* (Байтемиров). *Көзү өткүр, өмүрү жаш, ою көп, Качан, кайда түшкөн ушул сүрөткө* (Нуркамал).

11. Шоола, жарык тийип туруу. [*Токтогулдун*] *маңдайы үзүктүн жыртыгынан түшкөн айдын шооласына туура келди* (Аалы).

12. Дарылануу, көрүнүү. *Табыпка түшүп айыкчу Көкүрөктөгү чер эмес* («Мендирман»).

13. Күрөш, эңиш сыяктуу кандайдыр бир мелдештерге, оюнга катышуу, беттешүүчү тарап болуп чыгуу. *Күрөшкө түшүү. Эңишке түшүү. Улакка түшүү. Оюнга түшүү.*

14. Чөмүлүү, кириңүү. *Сууга түшүү. Көлгө түшүү. Мончого түшүү.*

15. Қандайдыр бир абалда болуу, белгилүү бир абалга келүү. *Кай бирлери сыңар тизелеп, кай бири чөк түшүп отура калышты* (Жантөшев).

16. Ойго, эске, көңүлгө келе калуу. *Элемандын сыпттандын Эсине түшүп аюусу Мурутун жулуп калганы* («Эр Төштүк»). *Ойго түшөт жашчылык Узун жашап барганда* (Осмонкул).

17. Белгилүү бир баасын, **канчага тургандыгын көрсөтүү үчүн колдонулат.** *Кымбат түштү. Арзан түштү. Беш сомго түштү.*

18. Қыймыл-аракеттин, **абалдын ж. б.** болуп өткөндүгүн, кокусунан болгонду-

гун, тездигин ж. б. билдирүү же узакка созулгандыгын, бир нече кайталангандыгын билдирүү маанисинде көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Капысынан үйдүн ичи жарк дей түштү* (Убукеев). *Мамырды көрүп.. Чолпондун эсине Ракыя кылт эте түштү* (Байтемиров). *Сүйлөсүйлө Акы деп — Сүйлөй түш Акы дагы деп* («Эр Табылды»).

◆ **Көзү түшүү** *к.* **көз. Сугу түшүү** *к.* **сук I. Күнү түшүү** *к.* **күн. Алдына түшүү**— айыбын, күнөөсүн мойнуна алып, бир нерсе тартуулап же берип кечирим суроо. **Колго түшүү** — 1) кармалып калуу; 2) тутқун болуу. **Артынан түшүү** — кандайдыр бир киришкен ишинин аягына чыгышына жетишүү, акырына жеткирүүгө аракеттенүү.

ТҮШКҮ *сын.* Түш мезгилиндеги, түш маалындагы. *Түшкү тамак. Түшкү ысык. Түшкү дем алыш.*

ТҮШКҮН *зат.* Камчынын учундагы бир нерсе түйүп өрүлгөн катуу түйүнү. *Түшкүнүнө зым оролгон камчы.*

ТҮШКҮӨҢҮН *такт.* Түштө, түш маалында. *Түшкүсүн болуучу тыныгуу.*

ТҮШӨ I *этиш.* Түшүндө көрүү. *Эркек эшек түшөбөйт, катын камыр түшөбөйт* (макал).

ТҮШӨ II *сырд.* Койду чакырууда колдонулат.

ТҮШТӨН *этиш.* Түштө тамактанып, тыныгуу; күндүзгүсүн тамактанып, сыйкөрүү. *Кайра келатканыңда биздикине келип, түштөнө кет* (Абдумомунов).

ТҮШТӨНТ түштөн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮШТӨНҮҮ түштөн этишинин кыймыл атоочу.

ТҮШТУК I *зат.* 1. Жер шарынын төрт тарабынын бир жагы, түндүк тараптын карама-каршы жагы. *Мына түштүк жакта бою асман тиреген чалкыган тоо жатат* (Байтемиров). *Түштүгүндө: Пахта, жибек, кени бар, Чыгыш жагы — кендүү, малдуу Тянь-Шань* (Аалы).

2. Бир күндүн жарымы; жартысы.

3. Түшкү тамак. *Түштүгүнө тай сойду.*

ТҮШУМ *зат.* Эгиндин кызылы, ар кандай өсүмдүктөрдүн берген даны, мөмөсү. *Биздин Чүй боорунда кызылчанын мол түшүмүнө эз болгон бир топ мастерлерибиз бар* (Жантөшев). *Күжүрмөндөр аябагын күчүндү Жүгөрүдөн көп алалы түшүмдү* (Осмонкул).

ТҮШҮМДҮҮ *сын.* Түшүмү көп, түшүмү жакшы, түшүмү мол. *Аскар колхоздун эгини түшүмдүү болсо деп үрөндүн өнүмүн текшерет* (Сыдыкбеков).

ТҮШҮН *этиш.* Бир нерсенин маанисин, мазмунун өзү үчүн түшүнүктүү кылуу, акыл-эсинде жеткире билүү, акыл-эсинде айкын болуу. *Абылбек менен Айгүл Темироводун койгон суроосуна жакшы түшүндү* (Жантөшев). *Көрбөгөн көп жыл жашап мындай сонун, Түшүндүм партиянын айкын жолун* (Барпы).

ТҮШҮНБӨСТҮК *зат.* Түшүнбөгөндүк, билбестик. *Жеңилгендей кыздын айткан сөзүнө, Түшүнбөстүк чын айыптуу мен деди* (Осмонкул).

ТҮШҮНДҮР түшүн этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮШҮНДҮРМӨ *зат.* Ачып көрсөтүлгөн маани, түшүнүк. *Бул сөздүн маанисин түшүндүрмөсүнөн ачык билүүгө болот. Түшүндүрмө сөздүк.*

ТҮШҮНДҮРМӨЛҮҮ *сын.* Түшүндүрмөсү бар, түшүндүрмө берилген.

ТҮШҮНҮК *зат.* Бир нерсе жөнүндө болгон аныктама; иштин, окуянын жөнжайы көрсөтүлгөн баяндама, кабар, түшүндүрүп ачып көрсөтүлгөн маани. *Так түшүнүк бергиси жок* (Аалы). *Орозованын өз колунан түшүнүк алып, тезинен мага кабар кылгын* (Бейшеналиев).

ТҮШҮНҮКСҮЗ *сын.* Түшүнүктүү эмес. *Түшүнүксүз баяндоо.*

ТҮШҮНҮКТҮҮ *сын.* Түшүнөрлүк, түшүнүгү ачык, даана; белгилүү. *Каныбекти издеп жүргөнүбүз эми түшүнүктүү болду* (Жантөшев).

ТҮШҮНҮҮ түшүн этишинин кыймыл атоочу.

ТҮШҮР түш этишинин аркылуу мамилеси.

ТҮШҮҮ түш этишинин кыймыл атоочу.

ТҮШЧҮЛҮК *сын.* Түшкө чейинки убакыт.

◆ **Түшчүлүк жер** — түшкө чейин басып өтөрлүк аралык.

ТЫБЫРА *этиш.* 1. Буту-колун тыбырчылатуу, буту-колун тез-тез серпип кыймылдоо, тыбырчылоо. *Душман эки-үч ала салып барып тыбырай баштады* (Сасыкбаев).

2. Токтоно албоо, чыдамсызданууу, чебелектөө. *Токтоно албай тыбырап, Кырк жигитке шыбырап* («Эр Табылды»).

ТЫБЫРАТ тыбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫБЫРОО тыбыра этишинин кыймыл атоочу.

ТЫБЫРЧЫЛА тыбыра менен бирдей.

ТЫБЫТ I *зат.* Үлпүлдөгөн жумшак, назик жүн, түк. *Күнөстө эчкилердин тыбытын кылдап, байбиче отурат* (Сыдыкбеков). *Коёндун тыбыты.*

ТЫБЫТ II *зат. диал.* Чөбөгө.

ТЫБЫТТУУ *сын.* Тыбыты бар, тыбыт жүндүү. *Буладай уяң тыбыттуу, Жибектен кымбат жүнү бар* (Үмөталиев).

ТЫБЫШ *зат., лингв.* Абанын толкуну менен кулакка угулуучу үн, сөздүн эң кичине фонетикалык элементи. *Үндүү тыбыштар. Үнсүз тыбыштар.*

ТЫГУУ тык этишинин кыймыл атоочу.

ТЫГЫЗ *сын.* 1. Арасы өтө жакын, жыш, калың.

2. Бир-бирине абдан жакын; бекем, чың. *Партия эл менен дайыма тыгыз байланышта* («Коммунист»). *Биздин басма сөзүбүздүн күчү.. эл менен тыгыз байланышкандыгында* («Коммунист»).

ТЫГЫЗДА *этиш.* Тыгыз кылуу, чың бекем тургө келтирүү; таптап чың кылуу.

ТЫГЫЗДАЛ тыгызда этишинин туюк мамилеси.

ТЫГЫЗДАТ тыгызда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫГЫЗДОО тыгызда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫГЫЛ тык этишинин туюк мамилеси.

ТЫГЫН *зат.* Көбүнчө оозу кууш идиштердин оозун бекитүүгө ылайыкталып жасалган бекиткич. *Жаабай бутылканын тыгынын чыгарайын десе, оозу ачык экен* (Каимов). *Мамбет чакчанын тыгынын ачпай, эсине кайра сунду* (Каимов).

ТЫГЫНДА *этиш.* Бир нерсенин оозуна тыгын тыгып коюу, тыгын менен бекитүү.

ТЫГЫНДАЛ тыгында этишинин туюк мамилеси.

ТЫГЫНДАТ тыгында этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫГЫНДОО тыгында этишинин кыймыл атоочу.

ТЫГЫНЧЫК *зат.* Анча-мынча кошумча; бир аз да болсо керекке жарай турган, кошумча боло турган нерсе.

ТЫГЫРЧЫК *сын.* Томологунан келген, чың, чымыр. *Мустафа бир аз колдур сүйлөгөн, тыгырчык бойлуу, тегерек бет татар жигит эле* (Сасыкбаев).

ТЫЗ: тыз этүү — 1) ичке нерсе менен сайганда же ачыштыруучу ар кандай нерсе (иод, кислота ж. б.) тийген учурларда дене ачышып тызылдай түшүү. 2) *өт.* ичи ачышуу, ичи күйүү, абдан кейүү. *Мыскалдын жүрөгү тыз этип, балким, ак саргыл бети да болор-болбос өзгөрүлө түштүбү* (Сыдыкбеков). **Тыз коюу** — абдан тез, ылдам чуркоо, жүгүрүү, тез качып кетүү.

ТЫЗЫЛДА *этиш.* 1. Тыз-тыз этүү. (мис., ачышканда, катуу үшүгөндө ж. б.). *Бет чымырап, кулак тызылдайт* (Каимов). 2. Буту-бутуна тийбей тез жүгүрүү, тыз коюу. *Балдардын төртөө төрт тарапка тызылдап, короо-короого кирип жок болушту* (Сыдыкбеков). 3, *өт.* Ичи күйүү, абдан капаланып кейүү. *Элге сыр билгизбегени менен жүрөгү тызылдады* (Байтемиров).

ТЫЗЫЛДАТ тызылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫЗЫЛДОО тызылда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫЙ *этиш.* Жол бербөө, токтотуу, коюу, уланышына жол бербөө. *Напсиңди тый, эсирбе* (Токтогул). *Кой, ачууңду тый, балдардын атасы!* (Жантөшев). *Улам жулунуп, оозуна келгенди оттоп жаткан көпкөн жигитти тыйып отурдук* («Чалкан»).

ТЫЙДЫР тый этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫЙПЫЛ *такт.* Бүт эчтекеси калбай, бүт бойдон, толугу менен, такыр. *Айласы тыйпыл түгөнүү.*

◆ **Тыйпыл кылып салуу** — таптакыр жок кылып таштоо.

ТЫЙТАЙ *этиш.* Абдан арык, тыртайган көрүнүштө болуу (көбүнчө кичирээк адамдар жөнүндө).

ТЫЙТАК: тыйтак-тыйтак этүү — 1) чабал, арык кишинин алы жетпеген аракетин билдирүү үчүн колдонулат; 2) колунан келбесе да, сөзү өтпөсө да каршылык кылып, нааразылыгын билдиргендигин, обу жок эркелигин ж. б. аракетин көрсөтүү үчүн колдонулат.

ТЫЙТАКТА *этиш.* Тыйтак-тыйтак этүү.

ТЫЙТАКТАТ тыйтакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫЙТАКТОО тыйтакта этишинин кыймыл атоочу.

ТЫЙТАҢ тыйтак менен бирдей.

ТЫЙЫЛ тый этишинин туюк мамилеси.

ТЫЙЫН *зат.* 1. Бир сомдун жүздөн бир бөлүгүнө тең келген акча бирдиги жана ошол баадагы чака, монета. *Беш тыйын бербе март болуп Пейли жаман бузукка* (Токтогул).

2. *сүйл.* Жалпы эле акча каражаты, теңге, пул. *Кийим эмес, оокат үчүн күндөлүк тыйыны жок* (Аалы).

◆ **Тыйын эңмей** — ат үстүндө чаап баратып жердеги тыйынды эңип алуу негизги максаты болгон спорттук оюн. **Тыйын чычкан** — териси баалуу, куйругу барпайган, жыгачтарда жашоочу кичинекей кемирүүчү айбан.

ТЫК I *зат.* Көбүнчө найзанын учтуу учу, сайыла турган учтуу бөлүгү. *Найзага болот тык кылган, Тыгын өткүр курч кылган* (Тоголок Молдо).

ТЫК II *такт.* Дароо; кескин түрдө; *Эшик алдына келгенде Жүкөш тык токтоду* (Абдумомунов). *Тык эсине түшө калды, ай-айлап күтүп жүргөн жообу* (Осмонов).

ТЫК III *этиш.* Көңдөйгө, тешикке же бир нерсенин арасына шыкап кийирүү, бүтөө. *Чакчасын асбайга толтурул, тыгынын тыгып, чөнтөгүнө салды* («Ала-Тоо»). *Анжиянга жете электе эле селдени куржундун ичине тыга салдым* (Аалы).

ТЫК IV: тык-тык *туур.* 1. Катуу нерсени акырын урганда же жалпы эле урунуудан келип чыккан басыңкы дабыш. *Терезе тык-тык этип, «эже» деген үн чыкты* (Сыдыкбеков).

2. Алсыз, оорулуу адамдын кыска-кыска жөтөлүшүнөн чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Анда-санда онтоп, тык-тык жөтөлүп, Сансыз жатат* (Жантөшев).

ТЫҚАН *сын.* Жүргөн-турганы, иштеген иши ж. б. тың, жыйнактуу, чыйрак. *Булабаев мурдагыдан да тыкан, кыймылдуу болуп калды* (Сасыкбаев).

ТЫҚАНДЫҚ *зат.* Жыйнактуулук, тың жана тактык. *Калыгул өзүнүн иштерин өтө тыкандык менен бүтүрөт* (Абдукаримов). *Жаш шахтёрго тыкандык пайда болду* (Сасыкбаев).

ТЫҚЧЫГЫЙ *сын.* Кичинекейинен келген чымыр, тырсыйган (киши жөнүндө). *Тыкчыгый киши.*

ТЫҚЧЫЙ *этиш.* Тыкчыгый кебетеде болуу.

ТЫҚЧЫҢДА *этиш.* Кескин, өкүм кыймыл-аракетте болуу, өтө чыйраксынуу, тыкылдоо, өкүмдүк кылуу, чекчеңдөө.

ТЫҚЧЫҢДАТ тыкчыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫКЧЫҢДОО тыкчында этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҚЫЛДА 1. Тык-тык этүү. *Аңгыча болбой терезе тыкылдады* (Сасыкбаев).

2. Бышык, чыйрак сүйлөө, тың, илбериңки кыймылдоо. *Тыкылдап сүйлөө. Үчтөрт келин Зуурага кол кабыш кылышып, тыкылдап жүрүшөт* (Сыдыкбеков).

ТЫҚЫЛДАК *сын.* Чыйрак, бышык, тың, тык-тык эткен (киши жөнүндө). *Аңгыча болбой баягы кара тоголок тыкылдак бала маңдайыма келип калыптыр* (Шимеев).

ТЫҚЫЛДАТ тыкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫҚЫЛДОО тыкылда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫЛ *зат.* Фронт жүрүп жаткан линиянын арт жаккы территориясы; согушун жаткан өлкөлөрдүн фронттон тышкаркы аймагы.

ТЫМ: тым-тым болуу — унчукпай тынчып калуу; сөз, дуу-дуу, таралып бараткан кабар ж. б. басылуу, басылып калуу. *Үйдөгүлөрдүн бака-шакасы басылып, тымтым болуп калышты* («Ала-Тоо»).

ТЫМПЫГЫЙ *сын.* Ичинен тынган, ачылып сүйлөбөгөн, тымпыйган. *Тымпыгый кыз.*

ТЫМПЫЙ *этиш.* Сүйлөбөй, сыр билгизбей, өз ичинде болуу, унчукпоо. *Назгүл далайга үнсүз, тилсиз тымпыйды* (Бейшеналиев). *Бирок канча тымпыйса да кыздын бул сыры энелерге маалим* (Сыдыкбеков).

ТЫМПЫЙТ тымпый этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫМПЫЮУ тымпый этишинин кыймыл атоочу.

ТЫМТЫРАКАЙ: тымтыракайы чыгуу — быт-чыты чыгуу, быт-чыт болуу, баш аламан түшүү.

ТЫМТЫРС *такт.* Жымжырт, кулакмурдун кескендей тыптынч. *Үнтердин сөзүнө эч ким жооп кайтарган жок, эч нерсе болбогондой тымтырс чиштеп жатышты* (Жантөшев). *Тамдын тегереги жан жүрбөгөндөй.. тымтырс* (Сыдыкбеков).

ТЫМЫ дымы менен бирдей.

ТЫМЫЗЫН *такт.* Ачык эмес, алдыртан, жашырын, билинбестен. *Кыз тымызын үйдөн чыкты* (Сыдыкбеков). *Жолдун татаал жерлерин тосуп, тымызын аңдып жатышат* (Жантөшев).

ТЫН I *зат.* Алган же чыгарган дем. *Тын алуу. Тын чыгаруу.*

ТЫН II *этиш.* 1. Дем алып, дем чыгаруу. *Ийнинен тынып улутунуу.*

2. Тынчуу, тынч алуу, жайлануу; эс алуу. *Салыктын көңүлү эми гана тынды* (Каимов). *Урушар бекен деп турган Батыйнанын санаасы тына түштү* (Убукеев).

◆ **Ичинен тынуу** — кайгы-капасын, таарынычын ж. б. билдирбөө, ачык айтпоо, ичине сактоо. *Кабарын угуп Түмөнбай, Ичинен тынып тим болгон* («Семетей»).

ТЫНАР *зат.* 1. Куштун абдан кыраан түрлөрүнүн бири. *Кара кашка тынар. Кызыл кашка тынар.*

2. *өт.* Жөлөк, таяныч. *Алгыр Төштүк тынарым, Кармашууга жоо таппай, Капа болуп турамын* («Эр Төштүк»).

ТЫНДЫМ: тындым кылуу — жок кылуу, өлтүрүү, өлтүрүп салуу.

ТЫНДЫР тын 1. этишинин аркылуу мамилеси.

2. *өт.* Аягына жеткире, көңүл жай болгудай кылып бүтүрүү, орундатуу. *Ички жумуштарды мен тындырып тургандыктан, атам тышкы иштер менен болду* (Жантөшев).

ТЫНДЫРУУ тындыр этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНУУ тын этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНЧ *сын.* Уруш-талашы, ызы-чуусу, бака-шакасы жок, жымжырт, бейкут; жайлуу, ыңгайлуу. *Ай жарык, айлана тынч* (Убукеев). *Тынч алуу. Тынч жаткан эл. Басыгы тынч.*

ТЫНЧСЫЗ *сын.* Тынчы кеткен, тынч тура албаган; жайлуу эмес, ыңгайсыз. *Бир жерде тура албаган, санаасы тынбаган тынчсыз адам экен* («Чалкан»). *Тынчсыз ээр. Жүрүшү тынчсыз ат.*

ТЫНЧСЫЗДАН *этиш.* Тынчы кетүү, ыңгайсызданууу, санаасы тынбоо, кабатыр болуу. *Мамбеткулдун тынчсызданганын Мамбет сезди* (Каимов). *Жакып Бейшекенин келишине тынчсызданды* (Бейшеналиев).

ТЫНЧСЫЗДАНТ тынчсыздан этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫНЧСЫЗДАНУУ тынчсыздан этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНЧСЫЗДЫК *зат.* Тынчы жоктук, жайлуу эместик, ыңгайсыздык. *Анын үстүнө арабанын тынчсыздыгы адебибизди берди белем!* («Ала-Тоо»).

ТЫНЧТА *этиш.* Ыңгайлуу, жайлуу шарт түзүү, тынч болгудай абалга келтирүү. *Алдыңа тынчтап, байбиче, Ауудан талпак салгам деп* («Эр Табылды»).

ТЫНЧТАН *этиш.* Тынч алуу, жайлануу. *Кары тынчтанып алып, ага жалынып-жалбарып коюп, эки жакка карай отурду* (Сыдыкбеков).

ТЫНЧТАНТ тынчтан этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫНЧТАНУУ тынчтан этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНЧТЫК *зат.* Жым-жырттык, ызы-чуу жоктук; бейкуттук, согуш жок тынч абал, чыр-чатаксыз тынч абалда жашагандык. *Үйдүн ичине тынчтык өкүм сүрө баштады* (Жантөшев). *Табийгаттын бардык көрүнүшү тынчтыкта* (Жантөшев). *Тынчтык согушту жеңет. Бүткүл дүйнөнүн элдери тынчтыкты каалайт.*

ТЫНЧУУ тынчы этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНЧЧЫЛЫК тынчтык менен бирдей.

ТЫНЧЫ *этиш.* Тынчтануу, тынчып калуу, тынч алуу, жайлануу, басылуу. *Токтосоң боло тынчып жай, Сүйбөйсүң неге туруктуу* (Аалы). *Ойлой калсам Кремли, Дүйнө тынчып, жайнап турат* (Аалы).

ТЫНЧЫТ тынчы этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫНЫГУУ тынык этишинин кыймыл атоочу.

ТЫНЫК *этиш.* Тынч алуу, жайлануу; эс алуу. *Кыныккан киши тыныкпайт* (макал).

ТЫНЫКТЫР тынык этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫНЫМ *зат.* 1. Дем чыгарып, дем алган убакыт, бир аз убакыт. *Бир тынымга үй ичи жымжырт боло түштү* (Сыдыкбеков).

2. Эс алуу, тынч алган абал. *Канымбүбү иштөөнүн да, тыным алып көңүл сергитүүнүн да ыгын сонун биле турган* («Ала-Тоо»).

ТЫНЫМСЫЗ *сын.* Тынымы жок; үзгүлтүксүз, токтолбостон. *Кийинки жылдарда малдын продуктуулугу тынымсыз өсүп жатат* («Коммунист»). *Жамгыр тынымсыз дыбыроодо* (Элебаев).

ТЫНЫЧ тынч менен бирдей.

ТЫНЫШ I *зат.* Дем алыш, тыным.

◆ **Тыныш белгилери** — жазууда колдонулуучу: чекит, үтүр, сызыкча ж. б. белгилер.

ТЫНЫШ II тын этишинин кош мамилеси.

ТЫҢ I *сын.* Жүргөн-турганы, кыймыл-аракети шамдагай, тыкан, чыйрак. *Тың чал. Басканы тың. Минген аты тың. Ооката тың. Кийим-башы тың.*

ТЫҢ II тыңы менен бирдей.

ТЫҢГЫЛЫК: тыңгылыгы жок — тыңгылыктуу эмес, тыңгылыктуу бүтпөгөн. *Тыңгылыгы жок иш.*

ТЫҢГЫЛЫКСЫЗ *сын.* Тыңгылыктуу эмес, ишенимдүү эмес, түзүк, көңүл жай алгыдай эмес. *Тыңгылыксыз бүткөн иш.*

ТЫҢГЫЛЫКТУУ *сын.* Ишенимдүү, көңүлгө толорлук, көңүл жай алардык; тыңдуу, түзүк. *Тыңгылыктуу иш кылуу. Тыңгылыктуу сүйлөө.*

ТЫҢДА I *этиш.* Тың, түзүк абалга келтирүү, түзүктөө. *Кийим-кечесин тыңдап алуу. Тыңдап ооката кылуу.*

ТЫҢДА II тыңша менен бирдей.

ТЫҢДАН тыңда I этишинин өздүк мамилеси.

ТЫҢДАТ тыңда I этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫҢДОО тыңда I этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҢДУУ *сын.* Түзүк, тың, көңүл тынарлык, тыңгылыктуу. *Тыңдуу сүйлөй албоо.*

ТЫҢДУУСУ тыңдуусун менен бирдей.

ТЫҢДУУСУН *этиш.* Өзүн тыңыраак, мыктыраак көрсөтүүгө аракет кылуу, тынсынуу. *Тыңдуусунуп бой көтөрүү.*

ТЫҢДУУСУНУУ тыңдуусун этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҢКЫЙ дыңкый менен бирдей.

ТЫҢСЫН *этиш.* Мыктысынуу, өзүн тыңыраак, мыктыраак көрсөтүүгө аракет кылуу. *Жеңиш өзү теңдүү баланын кеңешин тыңсынып айткандай сезди* («Жаш ленинчи»).

ТЫҢСЫНУУ тыңсын этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҢУУ тыңы этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҢЧЫ *зат.* Жашырын, андып сөз угуучу; артынан көз салып жүрүүчү, шпион. *Бул биздин арабызда жүргөн тыңчы* (Жантөшев). *Тыңчылар лакылдап түштүкө таркашты* (Сасыкбаев). *Айтса кепти шыбырап, Алыстан уккан тыңчы бар* («Манас»).

ТЫҢЧЫЛЫК *зат.* Тыңчыга таандык милдеттер, тыңчынын иштери, шпиондук.

ТЫҢША *этиш.* Күнт коюп угуу, жакшылап угууга аракеттенип кулак салуу. *Жолдоштору аңгеме айтса, жан-дили менен тыңшайт* (Жантөшев). *Ал сөзүн тыңшап турган Карабекти көргөн жок* (Жантөшев). *Экөө тең элеңдеше эки жактан табыш тыңшашты* (Жантөшев).

ТЫҢШАТ тыңша этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫҢШОО тыңша этишинин кыймыл атоочу.

ТЫҢЫ *этиш.* Тың, бышык боло баштоо, оңолуп ден соолугу жакшыра баштоо, күчүнө келүү, күч алуу. *Тайлар мурункусунан көрө бир аз тыңып калышкан* (Баялинов).

ТЫҢЫТ тыңы этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫП *туур.* Тамчынын тамганындай же ошол сыяктуу жумшак чыккан кыска дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Камканын мончок-мончок кеткен ысык жашы кофтанын жеңине тып-тып тамды* (Сыдыкбеков).

◆ **Тып басылуу** *же* **тып токтоо** — дароо басылуу, дароо токтоо.

ТЫПТЫЙПЫЛ *такт.* Таптакыр, тыйпыл, бүт бойдон. *Канаттуулар да тыптыйпыл кырылып калгандай жымжырт* (Жантөшев). *Бактарды тыптыйпыл кылып кыйып кетишкен* (Бөкөнбаев).

ТЫПЫЙ *этиш.* Кичинекей, чакан, жыйнак көрүнүштө болуу. *Аста басып кыпыйып, Ак кептердей тыпыйып* (Тоголок Молдо). *Кара ботинка тыпыйган бутуна куюлушуп калды* (Каимов).

ТЫПЫЛДА *этиш.* 1. Тып-тып этүү (мис., тамчы, көз жаш). *Батыштын көз жаштары тынымсыз шорголоп, алдындагы талпакка тыпылдап тамып жатат* (Байтемиров).

2. Кичинекей, чакан, жыйнак көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу. *Тыпылдаган бышык кыз.*

ТЫПЫЛДАТ тыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫПЫЛДОО тыпылда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫПЫН *зат.* Абдан майдаланган топон, абдан майда ыпыр-сыпыр, жанчылып же майдаланган жумшак бөлүкчөлөр. *Сакалчан киши калпагынын кырыусуна туруп калган тыпынды какты* (Жантөшев). *Турбуев көмүр тыпындарынын үстүнө келип, малдаш токунуп отурду* (Сасыкбаев).

ТЫПЫР: тыпыр-тыпыр *туур.* Тез-

тез, башаламан чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ТЫПЫРА *этиш.* Тыпыр-тыпыр дабыш чыгуу. *Тыпыраган калың дабыш.*

ТЫР: тыр жылаңач *же* **тырдай жылаңач** — энеден туума, таптакыр жылаңач.

ТЫРАЙ *этиш.* Колу-буту тартипсиз сунулган, серейген абалда болуу. *Бет алгандын баарысы, Аттан түштү тырайып* («Манас»).

ТЫРАКТА *этиш.* 1. Эби-сыны жок тыраңдап оюн салуу.

2. Обу жок чойрондоо, негизсиз, обу жок асыла сүйлөө, тантыроо.

ТЫРАКТАТ тыракта этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРАКТОО тыракта этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРАҢДА *этиш.* 1. Буттарын эпсиз сербелендеткен, тырбандаган кыймыл-аракетте болуу.

2. Обу жок асылуу. Ичи тардык кылып же негизсиз тантыроо.

ТЫРАҢДАТ тыраңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРАҢДОО тыраңда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРБАЛАҢДА *этиш.* Күчү жетпеген, колунан келбеген ишти иштөөгө тырышып, асылуу, аракеттенүү (арык, кичине кишилер жөнүндө).

ТЫРБАЛАҢДОО тырбаланда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРБЫГЫЙ *сын.* Абдан арык, катыңкы, тырбайган. *Тырбыгый бала.*

ТЫРБЫЙ *этиш.* Тыртайып абдан арык, кичинекей көрүнүштө болуу.

ТЫРЖЫЙ *этиш.* Абдан арык абалда, бырышкан-тырышкан көрүнүштө болуу. *Тыржыйган чал.*

ТЫРЖЫЙТ тыржый этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРМА *этиш.* 1. Тырмак менен тытып алуу, кашуу. *Кичинекей жараны, Чукүп, тырмап ырбатпа* (Осмонкул). *Кайракайра тыттырып, Айдай бетин тырматкан* (Тоголок Молдо).

2. Тырмоо менен жыюу, тырмоо тартуу. *Чөптү тырмап чогултуу.*

ТЫРМААК *сын.* Тырмап алгыч. *Жаман кыз тырмаак болот* (макал).

ТЫРМАЛ тырма этишинин туюк мамилеси.

ТЫРМАК *зат.* 1. Колу-буттун манжаларынын учундагы мүйүз сыяктуу бөлүгү.

2. Тырмоок.

◆**Тырмак алды** *же* **тырмак асты** — эң биринчиси, алгачкысы. *Тырмак алды эмгеги.*

ТЫРМАКТА *этиш.* Тырмагын батыруу. [*Казанчы*] *суурду мыжыккан аюудай болуп, Укөйду жулмалап тырмактап батырат* (Аалы).

ТЫРМАКТАЙ *сын.* Кичинекей, кенедей. *Тырмактай бала. Тырмактай жер.*

ТЫРМАКТАТ тырмакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРМАКТОО тырмакта этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРМАКТУУ *сын.* 1. Тырмагы бар.

2. *өт.* Жырткыч, зулум. *Төштүк бизге хан болсо, Бармактуулар батабы, Тырмактуулар тиеби* («Эр Төштүк»).

ТЫРМАКЧА *зат.* Бөтөн сөздөрдү, цитаттарды, аталыштарды, ошондой эле шарттуу түрдө алынган же какшыктоо иретинде колдонулган сөздөрдү белгилеп көрсөтүү үчүн алынган жазуу белгиси (« »).

ТЫРМАЛА *этиш.* 1. Тырмоо.

2. *өт.* Тырмышып аракет кылуу.

ТЫРМАЛОО тырмала этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРМАН тырма этишинин өздүк мамилеси.

ТЫРМАШ тырма этишинин кош мамилеси.

ТЫРМОО I *зат.* 1. Тырмооч. *Тырмоо алып бол-бол деп Дорбо жүрдү чаңкылдап* (Осмонкул).

2. *диал.* Мала. *Темир тырмоо.*

ТЫРМОО II тырма этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРМООК *диал.* Мала.

ТЫРМООЧ *зат.* 1. Узун саптуу жыгачка туурасынан ашталган арсак-арсак тиштүү эмгек куралы. *Тырмооч менен чөп, куурайды жана ушуга окшогон нерселерди чогултат. Кол тырмооч, жыгач күрөк ушу кишинин* [*Касымдын*] *гана колунан чыгат* (Таштемиров).

2. Чөп жыюу үчүн колдонулуучу курал. *Тракторго чиркелген чөп чапкыч машина менен кечээ чабылса, бүгүн экинчи трактор тырмооч менен түрмөктөй баштайт* (Таштемиров).

ТЫРМЫШ *этиш.* 1. Өйдө чыгууга же асылып жармашып турган жеринен түшүп кетпеске аракет кылуу, тырыша жармашуу. *Жамал асканын башына карай тырмышып чыгып баратат* (Жантөшев).

2. Бардык күчүн жумшап аракет кылуу, тырышчаактык менен аракеттенүү, тырышуу. *Тырмышып иштөө. Тырмышып жүрүп, алдынкы окуучулардын катарына кошулуу.*

ТЫРМЫШУУ тырмыш этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРП I: тырп этпөө — кыймылдабоо, козголбоо. *Атам менен энем тырп этпей уктоо менен болушту* (Жантөшев). *Чагылган сындуу күчүңдөн Тырп этпей душман кырылсын* (Бөкөнбаев).

ТЫРП II: тырпы калбоо — эч нерсеси, эчтемеси калбоо.

ТЫРПЫРА *этиш.* Бырпыроо. *Бутактагы чымчыктар учуп чыкты тырпырап* (Аалы).

ТЫРПЫРАТ тырпыра этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРПЫРОО тырпыра этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРС: тырс-тырс *туур.* Бир нерсени черткенден, акырын каккандан ж.б. чыккан сыяктуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Эшик акырындык менен*

тырс-тырс кагылды («Советтик Кыргызстан»). *Өзү тырс-тырс ылдамдай басып, узап кетти*(Сыдыкбеков).

ТЫРСЫЙ *этиш.* Чытырап, чыңалып толуп турган көрүнүштө болуу (мис., баштыкча, бет). *Айымбача мөөндүн туюк учу сымал тырсыйган* (Жантөшев).

ТЫРСЫЙТ тырсый этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРСЫЛДА *этиш.* 1. Тырс-тырс эткен дабыш чыгуу. *Чотун урган сайын, Акиясынын тырсылдап басканын эстеп турат* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Чыйрак, тыкылдаган тың кыймыл-аракетте болуу, тыкылдап бышык сүйлөө. *Кана, энеке, — деди Акия кетирекей тырсылдап* (Сыдыкбеков). *Тырсылдаган мындай да чыйрак кыз болобу* (Сасыкбаев).

ТЫРСЫЛДАТ тырсылда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРСЫЛДОО тырсылда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРТАЙ *этиш.* Тырбайып абдан арык көрүнүштө болуу. *Тыртайган арык бала.*

ТЫРТАҢДА *этиш.* 1. Күчү жетпеген ишти иштөөгө аракет кылуу (тыртайган, арык кишилер жөнүндө).

2. *өт.* Колунан келбеген ишке асылуу.

ТЫРТАҢДАТ тыртаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРТАҢДОО тыртаңда этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРТЫК *сын.* 1. Абдан бырыш-тырыш, бырык-тырыгы бар, жарадан ж. б. бузулган (көбүнчө бет жөнүндө).

2. Тырык.

ТЫРЧУУ тырчы этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРЧЫ *этиш.* Кабагын салуу, жактырбоо, жактырбай ачуусу келген мүнөз көрсөтүү. *Болбогон кепти айтасың да, — деди Гаврилов тырчып* (Сасыкбаев).

ТЫРЫК *зат.* Кесип кетүүдөн, ок тийүүдөн, жарадан ж. б. жакшы бүтпөй калган из, так. *Иса бир көзү тырык тыңчысын жемелеп, эң катуу сурады* (Сасыкбаев).

ТЫРЫШ I *зат.* Бырыш. *Көздөрүнүн алдына бир аз тырыш кирген.*

ТЫРЫШ II *этиш.* 1. Карышуу, бырышып, жыйрылган абалга келүү. *Колдору тырышып калуу. Бети-башы тырышкан чал.*

2. Ынтаасын, кунтун коюп аракет кылуу, билүүгө, максатына жетүүгө умтулуу. *Сен азыр жашсың, бардык өнөрдү үйрөнүүгө тырыш, балам!* (Жантөшев).

3. Өжөрлөнүү, кежирленүү, сарандык кылуу. *Ырас эле Татыбек кайыштай тырышып, айтканына бекем турду* (Байтемиров).

ТЫРЫШТЫР тырыш этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫРЫШУУ тырыш этишинин кыймыл атоочу.

ТЫРЫШЧААК *сын.* Билүүгө, максатына жетүүгө аракети күчтүү, умтулчаак, тырышып аракет кылган. *Тырышчаак окуучу. Тырышчаак бала.*

ТЫСЫРАЙ *этиш.* Тырсыйып чытыраган абалда, тасырайып чыңалган абалда болуу. *Сапарбек тысырая буулган чаканыраак баштыкты көтөрүп, анын артынан басышты* (Бөкөнбаев).

ТЫСЫРАЙТ тысырай этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫТ I *зат.* Жалбырагы менен жибек курту тамактанчу жыгач жана анын мөмөсү. *Жибектер кайдан болот, тыт болбосо* (Барпы).

ТЫТ II *этиш.* 1. Туш келди барчалап айруу, жыртуу. *Арманга күйгөн Байыр үстүндөгү кийимин тытып, өксүп-өксүп ыйлады* (Баялинов). *Кагазды тытты.*

2. Айра тартуу. (мис., тырмак менен). *Чыңырып Айымбүбү бетин тытты* (Үмөталиев).

3. Жүндү, кебезди кол менен бири-биринен ажыратып, майдалап созуу. *Сакадай Эркинге шым согуп берүү үчүн, төрдө жүн тытып отурган* (Жантөшев).

ТЫТАЛА *этиш.* 1. Тыткылоо, тытмалоо.

2. *өт.* Талоо, туш-туштан асылуу, жармашуу.

ТЫТАЛОО тытала этишинин кыймыл атоочу.

ТЫТКЫЗ тыттыр менен бирдей.

ТЫТҚЫЛА *этиш.* 1. Абдан тытуу. *Ал тарбайган колдору менен кемпирдин кийимдерин тыткылайт* (Аалы).

2. Талоо, таламайга алуу, туш-тушунан асылуу. *Бай-болушуң тыткылап, Бар малыңды саттырат* (Токтогул).

ТЫТҚЫЛАТ тыткыла этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫТҚЫЛОО тыткыла этишинин кыймыл атоочу.

ТЫТМА: тытма сакал — 1) быжыгыр коюу сакал; 2) ушундай сакалы бар киши.

ТЫТМАЛА тытала менен бирдей.

ТЫТТЫР тыт этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫТУУ тыт этишинин кыймыл атоочу.

ТЫТЫШ тыт этишинин кош мамилеси.

ТЫШ *зат.* 1. Үйдүн же кандайдыр бир нерсенин сырткы катмары, сырткы бети, сырткы бөлүгү. *Үйдүн ич-тышын актап, үй ичин таза күтүштү* (Сыдыкбеков).

2. Эшик тарап, көчө жак, короо жак.

ТЫШКАРЫ *такт.* Сырткары, бөлөк, башка. *Жыргал үйүн тургуздук, Жокчулук калды тышкары* (Үмөталиев). *Пландан тышкары аткарылган жумуштар.*

ТЫШКЫ *сын.* Сырткы, сырт жактагы, тыш жактагы; ич арадагы эмес. *Аңгыча болбой тышкы дарбаза такылдады* (Жантөшев). *Тышкы иштер. Тышкы соода.*

ТЫШТА *этиш.* Кийимдин сыртын жасоо; тыш каптоо. *Ичин суусар ичтетип, Тышын буулум тыштатып* («Манас»). *Китеп тыштады. Дептер тыштады.*

ТЫШТАЛ тышта этишинин туюк мамилеси.

ТЫШТАТ тышта этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫШТОО тышта этишинин кыймыл атоочу.

ТЫШТУУ *сын.* 1. Тышталган; сырты бар. *Нооту тыштуу ичик. Калың тыштуу китеп.*

2. Семиз. *Тыштуу кабырга.*

ТЫЯК *такт.* Тиги жак, тигил тарап, тияк.

ТЫЮУ тый этишинин кыймыл атоочу.

ТЫЯНАК *зат.* Белгилүү бир ойдун, айтылган сөздүн, иштин жыйынтыгы, корутунду. *Биздин сөзубүздүн тыянагы: экөөбүз тең окууга баруу жөнүндө убадалаштык* (Қаимов).

ТЫЯНАКТА *этиш.* Жыйынтык чыгаруу, корутунду чыгаруу.

ТЫЯНАКТАЛ тыянакта этишинин туюк мамилеси.

ТЫЯНАКТАТ тыянакта этишинин аркылуу мамилеси.

ТЫЯНАКТОО тыянакта этишинин кыймыл атоочу.

ТЭЭ *ат.* Алыстагы бир нерсени, алысты көрсөтүү, билдирүү үчүн колдонулат. *Тээ чокуда. Тээ тиги жерде.*

ТЭЭЖИК *сын.* Кежир, тил албас, сөз жебеген. *Ушундай тээжик кишинин кызматын кылууга бекер кабылган экенмин деген ой Көкөчүн көңүлүнө кылт эте түштү* (Жантөшев).

ТЭЭЖИКТЕН *этиш.* Кежирленүү, кежирлик кылуу, тээжиктик кылуу, кашайып туруп алуу.

ТЭЭЖИКТЕНҮҮ тээжиктен этишинин кыймыл атоочу.

ТЭЭЖИКТИК *зат.* Кежирлик, тил албастык.

ТЭЭК *зат.* 1. Чыктага өткөрүп, илиштирип коюу үчүн ылайыкталып жасалган кичинеккө өткөрүп бекитип коюучу бөлүгү. *Тээгин бекитүү. Тээгин чыгаруу.*

2. Тепке. *Асан карыя комузунун тээгин саал жогору жылдырып койду* (Аалы).

3. Эшикти бекитүү үчүн колдонулуучу илгич, көзөнөккө өткөрүп бекитип коюучу бөлүгү.

4. *өт.* Тирек, таяныч, жөлөк, караан.

ТЭЭКТЕ *этиш.* 1. Тээк коюу, тээкти өткөрүү.

2. Жипти ж. б. толгоп буроодо тээкти, таякчаны колдонуу.

ТЭЭКТЕЛ тээкте этишинин туюк мамилеси.

ТЭЭКТӨӨ тээкте этишинин кыймыл атоочу.

ТЮЛЬ *зат.* Көбүнчө гүл түшүрүлүп жасалган жука, тордомо ткань.

ТЮРЬМА түрмө менен бирдей.

У

УБА: убап-чубап *же* **убай-чубай** *такт.* Биринин артынан бири келген абалда, удаалаш, илээше келген абалда. *Паровоз өтүп жатат убап-чубап, Тиктесең чаман келбей көзүң тунат* (Турусбеков). *Бара көрөлү дешип, эл убай-чубай Илебайдын үйүн курчай берди* («Чалкан»). *Эл убай-чубай кызыл үйгө келишти* (Баялинов).

УБАГЫНЧА *такт.* Убактылуу, убактысынча, белгилүү мезгилге чейин, түбөлүктүү эмес.

УБАДА *зат.* Бир ишти аткаруу үчүн берилген сөз, шерт. *Жумушчулардын сөзү, убадасы иштен ажырабайт* (Сасыкбаев). *Бирге кетүү үчүн украиналык кыздарга убада берди* (Сасыкбаев). *Тике туруп кол койдук, Убададан тайбаска* (Осмонкул).

УБАДАЛАШ *этиш.* Бири-бирине убада берүү, кандайдыр бир ишти аткарууга сөз байлашып убада кылуу. *Өткөн жылы келгенинде Турумбек экөө убадалашып кетти дешкен* (Сыдыкбеков)

УБАДАЛАШТЫР убадалаш этишинин аркылуу мамилеси.

УБАДАЛАШУУ убадалаш этишинин кыймыл атоочу.

УБАДАЛУУ *сын.* 1. Айткан сөзгө туруктуу, убадага бек. *Убадалуу жигит. Калтаат ыбас кайраты бар жүрөктө, Ар-намыстуу, убадалуу мүнөздө* (Нуркамал).

2. Убадалашкан, макулдашылган, убада берилген. *Убадалуу күн күтүп, Шаймашай болуп жаткыла* («Мендирман»). *Убадалуу сөздөрдү сүйлөшүп, тилектеш достор эки бөлүкүштү* (Жантөшев).

УБАДАСЫЗ *сын.* Убадалашкан сөзгө, макулдашылган сөзгө туруктуу эмес, убадасында турбаган. *Убадасыз кишиден жүрүп кеткен жел артык* (макал).

УБАЙ I *зат.* Убайым, кайгы, капа. *Кандайдыр терең убай менен Айнагүл үшкүрдү* (Жантөшев). *Убайда калуу. Убайын тартуу.*

УБАЙ II *зат.* Жакшы, пайдалуу натыйжа, жыргал, иштин үзүрү. *Күрөштүн көрүп убайын, Күн тийди батпас айлыңа* (Бөкөнбаев). *Адамдын көркү адал эмгек, Убара тартып убайын көрмөк* (Шүкүрбеков).

УБАЙЛУУ *сын.* Қайгылуу, капалуу, санаалуу. *Убайлуу энем Қаныкей, Улаган эрге канатын* («Манас»).

УБАЙЫМ *зат.* Қайгы, капа, күйүт, санаакоочулук. *Санаа саргайтат, убайым картайтат* (макал). [*Кемпирдин*] *кейпи аянычтуу, көкүрөгүндө кандайдыр айыкпас оору, убайымы бардай* (Қасымбеков).

УБАЙЫМДА *этиш.* Қайгы тартуу, капалануу, санаа тартуу. *Убайымдап бекерге отургандан не пайда?* (Осмонкул).

УБАЙЫМДУУ *сын.* Қайгылуу, капалуу, санаалуу. *Ортодо олтурган эң картаң кемпир убайымдуу киши го* (Сыдыкбеков).

УБАЙЫМСЫЗ *сын.* Қайгы-капасыз, бейкапар.

УБАЙЫМЧЫЛ *сын.* Қайгычыл, капачыл, санааркай бере турган. *Жумагүл сөзмөр, датчыл, убайымчыл экен* («Ала-Тоо»).

УБАК I убакыт менен бирдей.

УБАК II *сын.* Күкүмдөлгөн, майдаланып, талкаланган, бүртүктүү, абдан майда.

УБАКТЫ убакыт менен бирдей.

УБАКТЫЛУУ *сын.* Белгилүү мезгилге чейин, убактысынча, түбөлүктүү эмес. *Жапаркул убактылуу ферма башчысы* (Жантөшев). *Ашыр кенде турак үй жоктуктан шахтада убактылуу бой туруп калган* (Сасыкбаев).

УБАКТЫНЧА *такт.* Белгилүү бир мезгилге чейин, убактылуу, белгилүү бир убакытка чейин. *Убактынча иштөө. Убактынча тура туруу.*

УБАКТЫСЫНЧА убактынча менен бирдей.

УБАКТЫСЫЗ *сын.* Өз учурунда эмес, беймаал. *Убактысыз атылган замбирек үнү элдин бардыгын таңдандырды* (Жантөшев).

УБАКЫТ *зат.* 1. Мезгил, учур, маал. *Убакыт өтсө бекерге, Аны кайдан табабыз* (Үмөталиев). *Белгиленген убакыт да жетти* (Тоголок Молдо). *Убакыт болсо — эртө бешим* (Жантөшев).

2. *сүйл.* Саат. *Убакытың канча болду?*

◆**Ар убакыт** — ар дайым, ар качан. *Элестеп көз алдыма ар убакыт, Тоо кызы, көзүң кысып күлүңдөйсүң* (Шимеев). **Жергиликтүү убакыт** — белгилүү бир географиялык алкак, белгилүү бир пункт үчүн гана таандык астрономиялык мезгил.

УБАЛ *зат.* 1. Күнөө, күнөөлүү натыйжа. *Күнөөсүз журтту кырсаңыз, Убалы менин мойнумда* («Манас»). *Дос кишиңди кас көрүп, Убалга бөөдө калбагын* («Манас»).

2. Аянычтуу абал, кыйын, оор абал, жапа чегип, кыйынчылыкка туш келүүчүлүк. *Энем байкушка убал болуп кетти, жалынып-жалбарып түн уйкусун коюп, менин жаңымда* («Ала-Тоо»). *А дегенде орун тар келип, кысылышып, артыкча тиги үч адамга убал болду* (Сыдыкбеков).

УБАЛА *этиш.* Майдалоо, күкүмдөө, үбөлөө. *Тигилер [отургандар] устукандарын жеп бүтүшө электе эле Темир[этти] убалап, туурап койду* (Сыдыкбеков).

УБАЛАН убала этишинин өздүк мамилеси.

УБАРА *зат.* Бир ишти аткаруу үчүн болгон кыйналып-кысталган аракет, машакаттуу, түйшүктүү аракет, убаралануучулук. *Сен азыр баласың. Кээде чоң кишинин оюна түшпөгөн иштерге убара болосуң [деди чоң эне небересине]* (Сыдыкбеков) *Убара болуу. Убара тартуу.*

УБАРАКЕРЧИЛИК *зат.* Убара болгондук, убара тартуучулук. *Ошентип, урушуу менен убаракерчилик көбөйүп убакыт өтө берди* («Чалкан»).

УБАРАЛА *этиш.* Убара кылуу, түйшүк тарттыруу, алек кылуу. *Аны далайга чейин убаралай берди* (Аалы).

УБАРАЛАН убарала этишинин өздүк мамилеси.

УБАРАЛУУ *сын.* Убара тарткан, машакаттуу, түйшүгү көп, убарасы көп. *Сен үчүн убаралуу курдашыңды, өлбөстүн дарысындай эңсетесиң* (Маликов). *Убаралуу иш.*

УБАРАЧЫЛЫК *зат.* Убара тарткандык, убара болгондук.

УБАРЛАШ *сын.* Сыйлашкан курдаш, кадырлаш. *Унутпай жүрөөн болсоңуз Убарлаш болчу өзүмдү* (Маликов).

УВАЗИР *туурасы:* **вазир.**

УВЕРТЮРА *зат.* Операнын, балеттин ж. б. музыкалык кириш бөлүгү.

УГААНАК уганаак менен бирдей.

УГАНААК *сын.* Тез угуучу, кандайдыр бир кабарларды, жаңылыктарды, сөздөрдү тез угуучу, башкалардан мурда угуп-билүүгө шыктуу. *Базарбектин уганаак кулагы уурданып келе жаткан дүбүрттү укту* (Каимов).

УГАНАК уганаак менен бирдей.

УГЛЕРОД *зат.* Бардык органикалык заттардын өтө зарыл составдык бөлүгү болуп эсептелген химиялык элемент.

УГУЗ 1. ук этишинин аркылуу мамилеси.

2. Өлгөн адамды кара аш берүү менен жакындарына билгизүү. *Бир кой союп, жалгыз агасын угузду.*

УГУЛ ук этишинин туюк мамилеси.

УГУМДУУ *сын.* Кулакка жагымдуу, укккулуктуу. *Кулагыма угумдуу, Жүрөгүмө жугумдуу, Кошо чыкса добушум* (Осмонкул). *Шайырлыкка салып, кулакка угумдуу ырларын ырдап жүрөт* (Жантөшев).

УГУМСУЗ *сын.* Укккулуктуу эмес, угууга жагымсыз. *Угумсуз ыр. Угумсуз сөз.*

УГУТ *зат.* Майдалап туруп бозого кошуу үчүн колдонулуучу, бир аз өндүрүлүп кургатылган дан (көбүнчө буудай же таруудан). [*Бозонун*] *угуту жакшы чечтиби?* (Бейшеналиев). *Буудай угут. Таруу угут.*

◆**Угуту жок** — бышык эмес, бош, болбураган жоош.

УГУТТУУ *сын.* 1. Угуту бар, угут салынган, угут кошулуп жасалган. *Угуттуу бозо.*

2. *өт.* Тың, чыйрак, өткүр, бышык (киши жөнүндө). *Кедей угуттуу азамат болду* (Токтогул).

УГУУ ук этишинин кыймыл атоочу.

УГУУЧУ *зат.* 1. Кулак салып тыңшап отурган адам, угуп отурган адам; тыңдоочу. *Угуучуң көрүп таң калат, булбулду карап тургандай* (Үмөталиев).

2. Кээ бир окуу жайларынын окуучулары. *Партиялык мектептин угуучулары.*

УДАА *такт.* Катарынан, катары менен, биринин артынан бири. *Үч жылы удаа сыйланып, Эгизден козу тапкамын* (Осмонкул). *Ургаачыдан үз көрдүм, Он үч удаа кыз көрдүм* («Манас»).

УДААЛАШ *сын.* Биринин артынан бири удаа, катарлаш, үзгүлтүксүз. *Үч тестиер бала кычыраган чыйыр жол менен удаалаш келатышты* (Бейшеналиев).

УДАРНИК *зат.* **Нормасын ашык аткарган жана өз өндүрүшүндө үлгү көрсеткөн социалисттик өндүрүштөгү алдынкы адам, өз эмгегинин алдынкысы, эпкиндүү. *Коммунисттик эмгектин ударниги. Ударник колхозчулар.***

УДУЛ *зат.* Туура келген ылайыктуу шарт, бир нерсенин жөнү, ылайыгы, багыты.

УДУРГУ *этиш.* Бир жакты көздөй жапырт сүрдүгүү, улам бир жакты көздөй чогуу бойдон агыла каптоо; өйдөтөмөн, уйгу-туйгу болуу. *Буюккан малдар удургуп, жөөлөшө качып кулашты* (Аалы). *Асманда түрмөктөлгөн кара булуттар удургуп.. кара шамал ыркырайт* (Абдукаримов).

УДУРГУТ удургу этишинин аркылуу мамилеси.

УДУРГУУ удургу этишинин кыймыл атоочу.

УЕЗД *зат.* 1. *эск.* Байыркы Руста шаар менен байланышкан бир топ округ, бир топ волость.

2. Революцияга чейинки Россиядагы жана СССРде райондоштурулганга чейинки административдик-территориялык бөлүнүш.

УЖДАН *зат.* Уят, ынсап.

УЖМАК *зат. дин.* Бейиш.

УЖУТ *зат.* Негиз, маңыз, маани.

◆ **Ужутуна чыгуу** — ишке ашыруу, жүзөгө ашыруу. *Бирок арыз-муңду угуп, ужутуна чыккан эч ким жок* (Жантөшев).

УЗ *зат.* Чебер, устат, мыкты ишмекер. *Сулуусуң жылпар жыттуу бак гүлүндөй, Көркөмсүң уздун соккон килеминдей* (Үмөталиев). *Оңунан келген иш эле, Оймоктуудан уз эле* («Манас»).

УЗА *этиш.* 1. Белгилүү бир орундан, жерден алыстоо, ыраактоо, белгилүү бир аралыкка бөлүнүп, озуп кетүү. *Динар өзү кыштактан эчак узап кеткенин байкабай калган* (Сыдыкбеков). *Поезд Быстровкадан бир кыйла узап, Боомдун оозуна кирип бара жатат* (Сасыкбаев).

2. Жөнөө, жөнөп кетүү. *Тыштан келгендердин кимиси болбосун, ушул үйдөн узайт* (Убукеев).

3. Белгилүү бир убакыт өтүү. *Көп узабай жетип баруу.*

УЗАК *сын.* 1. Көпкө созулган. *Арзымат экөөбүз узак убакытка чейин сүйлөштүк* (Жантөшев).

2. Алыс, ыраак. *Машина ордунан козголуп узак жолго учкан куштай зыпылдап кете берди* (Тоголок Молдо). *Бара жаткан жол узак, Жай, көңүлдүү ырдасак* (Шамшиев).

УЗАКТА *этиш.* Алыстоо, ыраактоо. *Узактадым кырчын жаштан гүлүстөн* (Аалы).

УЗАН *этиш.* Иштөө, жумуш кылуу (темирчи уста жөнүндө). *Макиштин атасы дүкөнүндө узанып жатат* (Сыдыкбеков).

УЗАНТ узан этишинин аркылуу мамилеси.

УЗАНУУ узан этишинин кыймыл атоочу.

УЗАР *этиш.* 1. Узун болуу, өсүү. *Эки элиге жакын узарган көңүр чачтары дүпүйүп учтары жылтырайт* (Сыдыкбеков). *Гүлдөр бат эле узарып кетет да, Зарыл аларды аралап... кыздарды издейт* (Сыдыкбеков).

2. Узак болуу. Көпкө, узакка созулуу. *Узарды күлүңдөп күн минут санап, Жыпжылуу жанга ылайык нурун берип* (Турусбеков).

◆ **Учу узаруу** *к.* **уч I. Колу узаруу** —1) бир нерсеге, жакшылыкка колу жетүү, кенелип калуу, мол болуу. *Улам алга өөдөлөп, Узарды калкым колубуз* (Үсөнбаев); 2) бирөөдөн жардам көрүү, жүгү жеңилдеп калуу. *Келин алып, колу узарып калды* («Ала-Тоо»); 3) андан ары уланып, өнүгүп кетүү, арбуу.

УЗАРТ узар этишинин аркылуу мамилеси.

УЗАРУУ узар этишинин кыймыл атоочу.

УЗАТ 1. **уза** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Берүү, сунуу, кол жалгоо. *Ал дурбусун мойнунан чыгарды да, узунунан жаткан бойдон мага узатты* (Аалы). *Мукамбай куюлган пияланы Тоозакка узатып жатты* (Абдукаримов).

3. Андан ары улантуу. *Уруксат сизге Осоке, Эми узата бергин ар жагын* (Үсөнбаев).

4. Күйөөгө берүү, жөнөтүү. *Кыңшылатып узатса, Кыздын көркү тоюнда* (Жантөшев).

УЗАТА *такт.* Кандайдыр бир нерсени бойлой, узундугу боюнча, узатасынан. *Мына түштүк жакта дүгдүрөйүп узата тоо жатат* (Байтемиров).

УЗАТАСЫНАН узата менен бирдей.

УЗАТУУ узат этишинин кыймыл атоочу.

УЗАТУУЧУ *зат.* Жөнөтүүчү, жөнөтүп чыгуучу киши. *Узатуучулар поезд алыстаганча кол булгалап турушту* (Каимов).

УЗАТЫШ узат этишинин кош мамилеси.

УЗОО уза этишинин кыймыл атоочу.

УЗУН *сын.* 1. Кысканын карама-каршысы. *Үйлөрдүн айланасы узун шыргайлар менен бекитилген* (Жантөшев). [*Клубдун*] *сахнасындагы узун столдун үстүндө газета жайылып турган экен* («Советтик Кыргызстан»).

2. Узак, көпкө созулган. *Узун өмүр, өчкүс даңк Сенде болсун, жаш баатыр!* (Нуркамал). *Узун санаа Ажарды курчап алды* (Баялинов).

3. Алыс, ыраак. *Узун жолду кыскартып, улаштырып ширеген* (Тоголок Молдо).

◇ **Узун кулак** *к.* **кулак I. Колу узун** — кандайдыр бир ишти иштөө, колунан келе тургандыгын, күчү келе тургандыгын жекуткарбай тургандыгын билдирүү үчүн колдонулат. *Өкмөттүк нээти таза, колу узун* (Аалы). **Узун сары** *к.* **сары.**

УЗУНДУ: узунду кечке — эртең менентен кечке чейин, күнү бою. *Узунду кечке бул Жакып Арык чаап калыптыр* («Манас»). **Узунду-кыска** *же* **узунду-кыскалы** — бири узун, бири кыска, бирдей эмес, тегиз эмес. *Бойлору узунду-кыска. Этегин узунду-кыскалы кылып сүтүнөн кыска тон кийген.*

УЗУНДУК *зат.* 1. Кандайдыр бир сызыктын, тегиздиктин же нерсенин бир багыт боюнча эки жакка созулган четки чектеринин аралыгы. *Узундугу кыйла бар, Эндүүлүгү эчен бар* (Тоголок Молдо). *Аркандын узундугун өлчөп жатат* (Аалы).

2. Бир нече убакытка созулгандык, узак болгондук (убакыт жөнүндө). *Бүгүнкү күндүн узундугу бир нече күнгө татыды* (Жантөшев).

УЗУНЧА *зат.* Узунунан келген, узунураак, анчалык узун эмес. *Тууралагы узунча жөлөнгүчтү мээлейлүү колдору менен сыдыра басып бара жатышкан шакёрлор бөкчөң-бөкчөң этишет* (Сасыкбаев).

УЙ *зат.* 1. Төрт түлүк малдын бир түрүнө кирүүчү музоо, торпок, кунажын, өгүз ж. б. жалпы аты. *Уйду мүйүзгө чапса туягы зыркырайт* (макал). *Бадачы көп уйду талаага айдап баратат* (Сыдыкбеков).

2. Ушул малдын төл берген, саала турган ургаачысы. *Саан уй. Тубар уй. Кысыр уй.*

3. Он эки жылдык эски жыл эсебинин экинчи жылы. *Уй жылы.*

◆ **Уйга килем жапкандай** — жарашыксыз, одоно, олдоксон. **Уй мүйүз тартып отуруу** — тегерек тартып кырка отуруу. [*Колхозчулар*] *уй мүйүз тартып отурушту* (Баялинов). **Уй түгүндөй** — эң көп, абдан көп. *Уй түгүндөй көп элге Уруна кирип барбайлы* («Эр Табылды»). **Уюм тууду** — оюлган беш чуңкурга бештен ташталган таш менен көбүнчө балдар ойноочу оюн.

УЙГАК *зат.* Сабагынын учтарында жабышкак, сайгыч тикени бар, чоң-чоң жазы жалбыраткуу өсүмдүк. *Козу уйгак. Төө уйгак.*

◇ **Уйгактай жабышуу** — бирөөгө жабышып, асылып алуу. *Кызык бала, ырчы менен думана көрсө уйгактай жабышып алат* (Аалы).

УЙГУ: уйгу-туйгу *такт.* Баш аламан, бир калыпта эмес, өйдө-ылдый; уюлгуган сыяктуу. *Кимди ким көрдү, эл ичи удургуп уйгу-туйгу* (Баялинов). *Асман түнөрүп, уйгу-туйгу кар жаап келген* (Жантөшев).

УЙКАНА *зат.* Уй короо, уй киргизиш үчүн атайын салынган жай, сарай. —*Уйкананын каалгасы сынып калыптыр, — деди Шабыраалы үшүгөн колун үйлөй берип* (Бейшеналиев).

УЙКАШ I *сын.* Ыр саптарынын, көбүнчө аяккы сөздөрүнүн тыбыштык түзүлүшү жагынан бири-бирине окшошуп келиши. *Анын иши кабарчыдан күчөсө, Мен ырлардын уйкашынан баштадым* (Аалы). *Уйкаш сөздөр.*

◆ **Аты уйкаш** — аттары окшош, бирдей. — *Менин атым да Орунбай — деп, аты уйкаш чыкканына кубангандай күлүп койду* (Жантөшев).

УЙКАШ II *этиш.* Ыр саптары, көбүнчө ыр саптарынын аяккы сөздөрү тыбыштык түзүлүшү жагынан бири бирине үндөш чыгуу, окшошуу.

УЙКАШТЫР уйкаш этишинин аркылуу мамилеси.

УЙКАШУУ уйкаш этишинин кыймыл атоочу.

УЙКУ *зат.* Белгилүү бир убакыттарда кайталанып туруучу, ой кызматын толук же жарым-жартылай токтотуучу физиологиялык тынчтык жана эс алыш. *Уйкудан көзүң ачылбайт, Кандай курган баласың* («Эр Табылды»). *Тур-турдан кабар келсе, уйкунун мазасы кетет* (макал).

◆ **Уйку-соонун ортосунда болуу** — чала уйкуда болуу, өтө катуу уктап кетпей, айланадагыларды элес-булас сезип жатуу. *Уйку-соонун ортосундагы энесине Татыбектин сөздөрү түшүнүксүз болду* (Байтемиров). **Куш уйку** — узак уктабай, бир аз көз илинтип ала коюу, сергек жаткан кыска уйку. **Сүт уйку** — мемиреп, көшүлүп тыптынч уктагандык (көбүнчө жаш балдарга карата).

УЙКУЛУК *зат.* Бир жакка жөнөй турган адам жөнөтүүчүлөргө берүүчү тамак. *Уйкулук берип уялгандан көрө, бербей уялган дурус* («Чалкан»).

УЙКУЛУУ *сын.* Уйкусу абдан ачыла элек, уйкусу канбаган бойдон. *Уйкулуу көзүн үкалап, Алымкул кош башчысы Тагайдын кумсарып атчан турганын көрдү* (Абдукаримов). [*Анархандын*] *уйкулуу көзү умачтай ачылып, башын көтөрдү* (Жантөшев).

УЙКУСУРА *этиш.* Уктап жатып бирдемелерди сүйлөө, кобуроо ж. б. *Алым уйкусурап жылмайып, ары тоголонуп кеткен эле* (Жантөшев).

УЙКУСУРОО уйкусура этишинин кыймыл атоочу.

УЙКУЧУ уйкучул менен бирдей.

УЙКУЧУЛ *сын.* Көп уктоочу, көп уктаганды жакшы көргөн. *Ары жок—күлкүчүл, санаасы жок — уйкучул* (макал).

УЙКУЧУЛДУК *зат.* Көп уктоону жакшы көргөндүк, уйку баса бергендик.

УЙПАЛА *этиш.* 1. Жапырып, иретсиз чатаап абалга келтирүү, бырыштыруу. *Жердин чөбү узарбайт, Уйпалап күндө тепсесе* (Осмонкул).

2. *өт.* Жок кылуу, жоготуу. *Угузба андай сөзүңдү, Уйпалап коём өзүңдү* («Манас»). *Ылаачын чилди тепкендей, Уйпалаган замбирек* (Үмөталиев).

УЙПАЛАН уйпала этишинин өздүк мамилеси.

УЙПАЛАТ уйпала этишинин аркылуу мамилеси.

УЙПАЛОО уйпала этишинин кыймыл атоочу.

УЙЧУ *зат.* Уй багуучу. *Арбын камдап тоютту Сан, сапатын арттырып, Жакшы баккын, уйчулар* (Осмонкул).

УЙЧУМАН уйчу менен бирдей.

УК I нук менен бирдей.

УК II *этиш.* Тыңшоо, кулак салуу, эшитүү. *Угамын элди коргоп келгендерден, Душмандын тургузбаган мергендерден* (Калык). *Кедейлерим сөзүмдү ук, Өзгөрүштө ала чык!* (Тоголок Молдо).

◆ **Тил угуу** — жемеге калуу. *Кээде сен*

үчүн мен да тил үгам (Шүкүрбеков). **Кулак угуп, көз көргүс** — өтө алыс, адам барбаган. *Кулак угуп, көз көргүс Белге жумшап жатыптыр* («Эр Төштүк»).

УКАЗ *зат.* Жогорку бийлик органдары тарабынан берилген, закондуу күчкө ээ болуучу токтом. *СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы.*

УКАЛА *этиш.* Колду ныктай сүргүлөө, ушалоо. *Атам укалаган касыбайынан чеге кетти* (Жантөшев). *Андрей муздак колу менен эки көзүн тең укалап, үйүнүн ордун кайра-кайра карады* (Сасыкбаев).

УКАЛАТ укала этишинин аркылуу мамилеси.

УКАЛОО укала этишинин кыймыл атоочу.

УКЕ *зат.* 1. *диал.* Кичүү эркек бир тууган, ини.

2. Өзүнөн кичүү эркектерге кайрылууда колдонулуучу сөз. *Аны жай сүйлөшөбүз, уке!* (Жантөшев).

УККУЛУКСУЗ *сын.* Угууга жагымсыз, угумсуз. *Уккулуксуз ырдоо. Уккулуксуз үн.*

УККУЛУКТУУ *сын.* Угууга жагымдуу, угумдуу. *Күү ыргагы: куду тунук толкундай жамырап, кулакка уккулуктуу* (Сыдыкбеков). *Уккулуктуу үнү менен ырды созолонтту* (Жантөшев).

УКМУШ *зат.* Таң каларлык окуя, укмуштуу кабар, жаңылык; шумдук, керемет. *Учтуң учкуч, Жасап укмуш* (Осмонов).

УКМУШТУУ *сын.* Таң каларлык, сонун; шумдуктуу. — *Эх, бул тоодон укмуштуу кен табылат! — Аны мен табам* (Сыдыкбеков). *Маманазар кээде чукугандай сөз таап, укмуштуу ырларды ырдайт* (Жантөшев).

◆Тири укмуш — 1) өтө сонун, абдан, таң калтырарлык. *Тоо алды анык заводго айланып, тири укмуш болуп жаткан эле* (Сасыкбаев); 2) өтө көркунучтуу, адам коркорлук, шумдук. *Айрыкча анын көз карашы тири укмуш* (Жантөшев).

УКОЛ *зат.* Шприц менен теринин астына же кан тамырына суюк дарыны жиберүү. *Карыдоктор Канайымды эртели-кеч караган болот, кээде укол менен дары да куят* (Касымбеков).

УКТА *этиш.* 1. Уйкуга кетүү, уйкуда болуу. *Алабай чарчагандыктан келерибиз менен уктап калыптырбыз* (Жантөшев). *Балакетиңди алайын жалгызым, уктап жатса да кабагы жарык* (Сыдыкбеков).

2. Денеңин бир жери уюп кыймылдабай калуу. *Бутум уктап калды.*

◆Үч уктаса түшкө кирбеген *к. үч. Жапардын өмүрүндө... үч уктаса түшүнө кирбеген окуя болду* (Баялинов).

УКТАТ укта этишинин аркылуу мамилеси.

УКТОО укта этишинин кыймыл атоочу.

УКУ *этиш.* Ныктай түртүү, колун таяй түртүп коюу, түртүп ишаарат кылуу. *[Чоң Койчу] Темирди кайчынын сабы менен акырын укуп койду* (Жантөшев).

УКУЙ *зат.* Балдар ойнунда: ортонду уркуйта бүгүп туруп, түйүлгөн муштуму менен утулган баланын башына ойнотуп алуу жолу. *Укуй алуу.*

УКУК *зат.* 1. Адамдардын коомдогу мамилелерин жөнгө, тартипке салуу үчүн мамлекеттик бийлик тарабынан белгиленүүчү жана корголуучу нормалардын, эрежелердин жыйындысы. *Шайлоо укугу.*

2. Бир нерсени жасоо, иш жүзүнө ашыруу үчүн мамлекет тарабынан корголуп закондоштурулган мүмкүндүк, акысы бардык. *СССРдеги бардык граждандарга эмгек кылуу, дем алуу [эс алуу], билим алуу укугу берилген* («Советтик Кыргызстан»).

УКУКСУЗ *сын.* Укугунан ажыратылган, укугу жок; акысы жок. *Кандай адам укуксуз Болгондугун иретте* (Тоголок Молдо).

УКУКТУУ *сын.* Укугу бар, акылуу, акысы бар. *Дем алууга укуктуу, Кени бол ду билимдин* (Шамшиев).

УКУМ I: укум-тукум *зат.* Бир атадан таралган, ата-бабасы бир урук-туугандардын бир нече муунуу. *Нечен кылым, нечен жыл Укум-тукум жүргөн жер* (Аалы).

◆Укумдан тукумга — муундан муунга, атадан балага. **Укумда жок** — элде-журтта жок, ата-бабада жок.

УКУМ II *зат.* Баш бармактын учунан баштап, сөөмөйдүн бүктөлгөн уурчугуна чейинки узундук аралык.

УКУРУК *зат.* 1. Учуна илмек кылып аркан же жип байлап алып жылкы кармоо үчүн колдонулуучу узун жыгач. *Укуругун сүйрөткөн, Азоолорун үйрөткөн* (Осмонкул).

2. Кар жиликтин бооруна жабышкан укурукка окшош ичке сөөк.

3. *өт.* Узун, койкойгон. *Укурук моюн, калем каш, Кундузга окшош олоң чач* (Үсөнбаев).

◆Укуругу узун — баары бир куткарбайт, кармап алат деген мааниде колдонулат.

УКУУ уку этишинин кыймыл атоочу.

УЛА *этиш.* 1. Бир нерсенин учун экинчи нерсенин учуна кошуу, жалгоо, бириктирүү. — *Ой, Аттокур, улап кой, Атың үздү тизгинин!* (Жантөшев).

2. Агылгалоо, ээрчүү. *Караанын улай бастырып, Калсамбы деп качырып* («Эр Табылды»).

3. *өт.* Кандайдыр башталган иштн, жолду ж. б. андан ары алып кетүү.

◆Сөз улоо — андан ары узартуу, айта баштоо. *Бурулча Мамырды ээрчий басып сөзүн улады* (Байтемиров). *[Зарыл] кашынын үстүндөгү кара меңди адетинче сыйпап коюп сөзүн улады* (Сыдыкбеков). **Көңүл улоо** — көңүл жубатуу, тынчытуу, көңүл жубатып колдоо. *Чоң эне небересинин көңүлүн улады* (Сыдыкбеков); *[Андрей] Мусабек менин көңүлүмдү улап гана «аялың иштеп жатат» деп айткан экен го деп ойлоду* (Сасыкбаев).

УЛААРЫ *этиш.* Создугуу, создугуп кетүү. *Улаарыган иш.*

УЛААРЫТ улаары этишинин аркылуу мамилеси.

УЛАГА *зат.* Иреге, эшиктин алды, үйдүн ичине кире бериш бөлүгү. *Төрдөн согулган жел оттү кайра улага жакка жапырат* (Баялинов). *Жамила улаганы аттап, төрдө отурган элге башын ийип, аларга урматын билдирди* (Баялинов).

УЛАГАЛАШ *сын.* Эшиктеш; бири-бирине жакын.

УЛАК *зат.* 1. Эчкинин бир жашка чейинки төлү. *Эчкисин эркин багышкан, Эгизден улак алышкан* (Калык).

2. Көкбөрү. *Элдин бардыгы жабыла улакка киришти* (Жантөшев).

◆ **Улак тартуу** — көкбөрү.

УЛАКЧЫ *зат.* Көкбөрү тартууга катышкан адам, улак тартуу ыкмасын мыкты билген киши. *Улакчы бала экен деп, Көргөндөр айтсын ыраактан* (Токтогул).

УЛАМ *такт.* 1. Кайта-кайта, кайра-кайра. *Ажар улам тышка кулагын түрөт* (Жантөшев). *Сары саптуу калемди сылга улам малып коюп, Сыдык отурат* (Жантөшев).

2. Соң, ошого карата, байланыштуу. *Кириңиз! — жылуу чыккан үндөн улам бала үйгө кирди* («Ала-Тоо»). *Түрсүлдөгөн дабыштан улам Ышкынаалы чочуп ойгонду* (Байтемиров).

3. Дагы, андан ары, барган сайын. *Марксисттик-лениндик идеялар улам жаңы миллиондогон адамдардын жүрөктөрүнө сиңип жатат* («Коммунист»).

УЛАМА I *зат.* Эски сөздөрдү көп билген, көптү угуп, көптү билген адам. *Чоң эне жомокчу жана көптү билген улама киши эле* (Сыдыкбеков).

УЛАМА II *сын.* Бири-бирине улап жалгаштырылган, жалгама. *Кемтигине курама, Сыныгына улама, Он тиш соко шай болсун* (Осмонов).

УЛАМАЛА *этиш.* Сураштыруу, иликтеп, сурамжылоо. [*Анна*] *уламалап жүрүп, Азиздин кабарын билген* (Жантөшев).

УЛАМАЛОО уламала этишинин кыймыл атоочу.

УЛАМЫШ *зат.* Бирөөнөн экинчисине, улам кийинкисине өткөн сөз, имиш-имиш.

УЛАН I *зат.* Үйлөнө элек жаш жигит, жалпы эле бой тартып калган жаш адам. *Уста баатыр уландарга дайыма акылын айтып, аларды эл таламын көздөөгө чакырат* («Эр Табылды»).

УЛАН II *этиш.* Андан ары жалгануу, үзүлүп, токтолуп калбай андан ары арылоо, өнүгө берүү. *Бактылуу турмуш жаркырап, жеңишке жеңиш уланды* (Осмонкул). *Таңшыган булбул Токомдун Таттуу сөзү уланган* (Калык).

УЛАНДЫ *зат.* 1. Бир нерсенин кошундусу, улап жалганган бөлүгү.

2. Тексттин, сөздүн андан аркы бөлүгү, үзүндүсү, аягы. *Жарыш сөздүн уландысы. Докладдын уландысы.*

3. *грамм.* Сөз өзгөртүүчү мүчө. *Уланды мүчөлөр.*

УЛАНТ улан этишинин аркылуу мамилеси.

УЛАНТУУЧУ *зат.* Өзүнө жол көрсөткөн адамдын ишин, белгилүү бир идеяны, башталган ишти ж. б. андан ары өнүктүрүүчү, жолун жолдоочу.

УЛАР *зат.* Кыргоолдор тобуна кирүүчү, тоодо жашай турган ири илбээсин куш. *Аскалардан ышкыраган, Улары бар Ала-Тоо* (Бөкөнбаев).

УЛГАЙ *этиш.* Бир топ жашка чыгуу, жашы илгерилөө (көбүнчө кары адамдарга карата). «*Улгайып баратам*» *десем, профессор «илимге улгаюу тоскоолдук кылбайт» — десе болобу* (Бейшеналиев).

УЛГАЮУ улгай этишинин кыймыл атоочу.

УЛОО I ылоо менен бирдей.

УЛОО II ула этишинин кыймыл атоочу.

УЛПАК *зат.* Ун салдыргында эленип алынгандан кийинки эгиндин кабыгы.

УЛПАТ үлкөт менен бирдей.

УЛТАН *зат.* Бут кийимдин таманы. *Өтүктүн ултаны. Бөтөн элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол* (макал).

УЛТАР *этиш.* Өтүк тигүү, жалпы эле бут кийим тигүү. [*Кадырбайдын*] *бутунда туюк ултарган бийик такалуу, оймологон кызыл соору өтүк* (Жантөшев).

УЛТАРТ ултар этишинин аркылуу мамилеси.

УЛТАРУУ ултар этишинин кыймыл атоочу.

УЛУ *этиш.* 1. Көбүнчө карышкыр же ит созолонтуп үн чыгаруу. *Үйлар мөөрөп, иттер улуду* (Аалы). *Бир маалда алыстан улуган карышкырдын үнү үгүлдү* (Алыбаев).

2. Созулуңку уңулдоо (мис., ыйлаганда).

3. *өт.* Ызылдаган, зуулдаган созулуңку үн чыгаруу. *Кыпылдап аштык нечен куба белди, Бороону улуп турган шумдук жерди* (Маликов).

УЛУК *зат.* 1. *эс.* Жогорку даражалуу башкаруучу, төрө. *Ынтымагы бар элдин Адил болот улугу* (Барпы). *Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол* (макал).

2. Улуу. «*Кыздын жолу улук болот*» *деп, күлүмсүрөдү* [*Чолпон*] (Байтемиров).

УЛУТ *зат.* Тилн, территориясы, экономикалык турмушу жана психикалык мүнөзү жагынан байланыштуулугу негизинде келип чыгып, ал маданиятынын жалпылыгынан көрүнгөн, тарыхый түзүлүшү бар эл, калк. *Ак ниеттүү жалын жүрөк комсомол, Өскөн жаштар баары түрдүү улуттан* (Барпы).

УЛУТТАШТЫР *этиш.* Ири ишканаларды, жерди, эл чарбасынын айрым тармактарын жеке менчиктен мамлекеттин менчигине өткөрүү.

УЛУТТАШТЫРУУ улутташтыр этишинин кыймыл атоочу.

УЛУТТУК *сын.* Белгилүү бир улутка таандык. *Улуттук маданият. Улуттук оюндар.*

УЛУТУН *этиш.* Кандайдыр бир ички кейиштүү, оор сезимдин кысымы на-

тыйжасында үшкүргөндөй терең дем чыгаруу, күрсүнүү. [*Ышкынаалы*] *кезек-кезек терең дем алып улутунгандан башка сөз айткан жок* (Байтемиров).

УЛУТУНТ улутун этишинин аркылуу мамилеси.

УЛУТУНУУ улутун этишинин кыймыл атоочу.

УЛУТЧУЛ *зат.* Улутчулдукту жактоочу (1-маанисинде). *Улутчул-социалист. Буржуазиялык улутчул.*

УЛУТЧУЛДУК *зат.* 1. Улуттар арасында кастыкты күчөтүүгө, бир улуттун өзгөчө артыкчылыгын жактап, башка улуттарды жек көрүүгө багытталган реакциячыл буржуазиялык идеология. *Буржуазиялык улутчулдук. Жергиликтүү улутчулдук.*

2. Чет элдик кул кылуучуларга, колониализмге каршы элдин жана өлкөнүн көз каранды эместиги үчүн жүргүзүлгөн улуттук кыймыл.

УЛУУ I *зат.* Айбандардын атынан түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебинин бешинчи жылынын аты.

УЛУУ II *сын.* 1. Өзүнүн мааниси, сапаты, деңгээли боюнча эң көрүнүктүү, эң жогорку, артыкча. *Улуу Октябрь. Токтогул — кыргыз элинин улуу акыны* (Аалы).

2. Жашы жагынан жогору. *Жашы улуу. Эшимдин улуу баласы.*

3. Чоң, зор. *Айбала отту улуу жагып тамак-ашына кириштн* (Жантөшев). *Күн улуу шашке болуп калды* (Жантөшев). *Букардын тоосу бурулуш, Бурулуп учат улуу куш* (Токтогул).

◆ **Улуу сөз** — уят болсо да, кээде айтылышы зарыл болгон сөз. *Улуу сөздө уят жок* (макал). **Улуу тумоо** *к.* **тумоо.**

УЛУУ III улу этишинин кыймыл атоочу.

УЛЬТИМАТУМ *зат.* 1. Аткарылышын чечкиндүү түрдө талап кылган, эгерде аткарылбаса, дипломаттык мамилелер үзүлөт жана күч колдонулат деген талабы бар дипломатиялык нота.

2. *сүйл.* Коркутуусу бар талап.

УМАЧ *зат.* Ун, талкан же улпактын сууга коюр кургак кылып аралаштырылгандагысы.

◆ **Умач аш** — камырды майдалап үзүп жасаган суюк тамак.

УМАЧТА *этиш.* Ун, талкан же улпакты сууга коюр кургак кылып аралаштыруу, ыптоо.

УМАЧТАЙ: көзү умачтай ачылуу — көзү уйкудан ачылуу, уйкусу абдан, чайыттай ачылуу. *Уктагандардын умачтай көзү ачылып, бардык табият күүгө кулак салгансыды* (Жантөшев).

УМАЧТАЛ умачта этишинин туюк мамилеси.

УМАЧТАТ умачта этишинин аркылуу мамилеси.

УМАЧТОО умачта этишинин кыймыл атоочу.

УМАШТА умачта менен бирдей.

УМАШТАЙ умачтай менен бирдей.

УМСУН *этиш.* Үмүттөнүү, үмүт кылуу, үмүттөнө умтулуу. *Ата-энеси келди деп, умсунгандар болор* (Баялинов).

УМСУНТ умсун этишинин аркылуу мамилеси.

УМСУНУУ умсун этишинин кыймыл атоочу.

УМТУЛ *этиш.* 1. Алдын көздөй жүткүнүү, бир нерсеге жетүү үчүн обдула илгерилөө. *Алым чакадагы муздак сууга умтулду* (Жантөшев).

2. Улам алга карай өсүүгө же кандайдыр бир жаңылыкка жетүүгө аракет кылуу. *Биздин жаштар коммунисттерче иштөөгө, илимдин жаңылыктарына жетүүгө умтулуп жатышат* («Коммунист»).

УМТУЛДУР умтулт менен бирдей.

УМТУЛТ умтул этишинин аркылуу мамилеси.

УМТУЛУУ умтул этишинин кыймыл атоочу.

УН *зат.* Дан эгиндеринен чийки бойдон эң майда тартылган азык. *Балдар ойноп көнтөгүнө салып жейт, Боорсок кылам ак буудайдын унунан* (Осмонов).

УНА *этиш.* Жагуу, макул болуу.

УНАА *зат.* Жумушчу мал. *Күч унаа. «Бир теминдик унаа бер, Буудай басам» деп айтат* («Манас»).

УНАТ уна этишинин аркылуу мамилеси.

УНИВЕРМАГ *зат.* Ар түрдүү өнөр жай товарларын сата турган магазин. *Биз кирген там кездемеге тиреленген, Түркүн малдуу универмаг өзү экен* (Аалы).

УНИВЕРСАЛ *зат.* Түрдүү кесипти билген адам, ар түрдүү адистикти билген, ар өнөр колунан келген адам.

УНИВЕРСАЛДЫК *сын.* 1. Түрдүү жактуу, ар түрдүү нерсени өз ичине алган. *Универсалдык магазин.*

2. Түрдүү максатка жарай турган. *Республиканын мал чарбачылыгы универсалдык негиздерде жүргүзүлүп жатат* («Коммунист»).

УНИВЕРСИТЕТ *зат.* 1. Ар кандай гуманитардык жана табигый-математикалык бөлүмдөрү (факультеттери) бар жогорку окуу жайы жана илимий мекеме. *Кыргыз Мамлекеттик Университети.*

2. Жалпы билимдерди жана илимий-саясий билимдерди жогорулатуу боюнча окуу иштерин жүргүзүүчү мекемелердин аты. *Марксизм-ленинизм университети.*

УНУТ I *зат.* Эстен чыгып кетүүчүлүк, унутулуп калган абал. *Ушул күндөр унут болор бекен? — деп Бурмаке өзүнчө кобурайт* (Элебаев).

УНУТ II *этиш.* Эстен чыгарып коюу, эстен чыгып кетүү. *Унуттум черткен комузду, Улардай чыккан добушту* (Токтогул). *Унутканын эсине түшүргөн кичине Динар селтең этип чоң энеге бурулду* (Сасыкбаев).

УНУТКАР *этиш.* Унутуу, алаксытуу, эстен чыгаруу. *Ойлоду: унуткарсын кантип элим Кармашта өлгөн эрди мекен үчүн* (Нуркамал).

УНУТКАРТ унуткар этишинин аркылуу мамилеси.

УНУТКАРУУ унуткар этишинин кыймыл атоочу.

УНУТКАРЫЛ унуткар этишинин туюк мамилеси.

УНУТУЛ унут этишинин туюк мамилеси.

УНУТУЛГУС *сын.* Эстен чыккыс, унутулбай турган. *Дени менен жоо танкасын токтотуп, Унутулгус эрдик кылган билемин* (Маликов).

УНУТУУ унут этишинин кыймыл атоочу.

УНУТЧААК *сын.* Эсинен тез чыгарып коюучу, тез унутуп калуучу. *Чоң ата карыгандыгынан унутчаак боло баштады* («Жаш ленинчи»).

УНУТЧААКТЫК *зат.* Эсинен тез чыгарып коюучулук, тез унутуп калуучулук. *Ушул аз эле күндүн ичинде энеге унутчаактык да жармашты* («Ала-Тоо»).

УНЧУГУУ унчук этишинин кыймыл атоочу.

УНЧУК *этиш.* Үн чыгаруу, сүйлөө, дабыш чыгаруу. *Каныбек бир топко унчукпай турду* (Жантөшев). *Ачуусу келсе да Ракыя токтоолук кылып унчуккан жок* (Байтемиров).

УНЧУКТУР унчук этишинин аркылуу мамилеси.

УҢГУ *зат.* 1. Балта, кетмен, керки ж. б. куралдардын сабы ашталып бириктириле турган бөлүгү. *Уңгусу карыш чоң кетмен Кол учунда ойносун* (Осмонкул). «*Балтанын уңгусу тиет, этиет бол*» *дегендер да болду* (Байтемиров).

2. *грам.* Сөздүн мүчөлөргө ажырабаган негизги бөлүгү. *Уңгу сөз.*

УҢГУЧУЛ *сын.* Айлалуу, эпчил.

УҢКУЙ *этиш.* Башын төмөн салып үнкүйүп отуруу. *Байлоого түшкөн кулдай уңкуйуп отурат.*

УҢКҮЛ: уңкул-чуңкул *сын.* Өңгүл-дөңгүл, текши эмес. *Ал машина уңкул-чуңкул бурулуш жерлер келе калса кашаңдай, чайпала түшөт.*

УҢКУЙТ уңкуй этишинин аркылуу мамилеси.

УҢКУЮУ уңкуй этишинин кыймыл атоочу.

УҢШУ *этиш.* Улугандай аянычтуу, созулуңкү үн чыгаруу. *Уңшуган үн.*

УҢШУЙ уңкуй менен бирдей.

УПА *зат.* Косметикалык жана гигиеналык максатта пайдаланылуучу жыттуу, өтө майда жана эң жумшак зат. *Эндик, упа, каркыра, Кыз балага жарашар* (Токтогул).

УПАЙ *зат.* Эки тарап болуп, отуруп алып, көп чүкө менен ойнолуучу оюн. *Чүкөсүндөй упайдын Койлор жатат жыбырап* (Үмөталиев).

УПАЛА *этиш.* Упа сүйкөө, упа сыйпоо. *Бетин упалады.*

УПАЛОО упала этишинин кыймыл атоочу.

УПАТ *зат.* Талкалануу, кыйроо, бырын-чырын, таш-талкан. *Упат кылып сөөгүн, Жети баштуу кемпирди Сексен бөлүп кетиптир* («Эр Төштүк»).

УПОЛНОМОЧЕН *зат.* Белгилүү бир иштерди иштөө, иш жүзүнө ашыруу ж. б. укуктар менен жиберилген киши, өкүл. *Райондон келген уполномочендер митинг өткөрүшүп, журтту биримдикке, даярдыкка чакырууда* (Сыдыкбеков).

УПОЛНОМОЧУН уполномочен менен бирдей .

УПЧУ *зат.* Бутылканын оозуна кийгизип туруп, жаш балдарга же жаңы туулган козу-улактарга сүт берүү үчүн колдонулуучу туюк уч жагында кичинекей тешиги бар резина түтүкчө; балага өзүнчө сордуруу үчүн атайы ылайыкталып жасалган кичинекей туюк резина түтүкчө. *Жаш козуларга оозантып, Упчу менен сүт бердим* (Баялинов). *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев).

УР I *зат.* 1. Дененин өзгөчө болуп уркуюп чыгып турган бөлүгү. *Ур желке.*

2. Уюл. *Кайыңдын уру.*

УР II: ур кызы — мусулмандардын мифологиясы боюнча: өзүнүн сулуулугу менен бейишке чыккандары ыракатка бөлөөчү, дайыма жапжаш болуп турган бейиш кыздары.

УР III *этиш.* 1. Токмоктоо, таяктоо, сабоо. *Адилет болсоң текшерчи Кедейди байлар урганын* (Токтогул).

2. Чабуу, сого шилтөө, кагуу, коюп жиберүү. *Күчү менен күрс-күрс уран балканын Шыгын төксүн шыркыраган көк жалын* (Осмонов). *Өзүнө бычак ур, оорубаса кишиге ур* (макал).

3. Бир нерсени көздөй атып ыргытуу. *Айсулуу карап туруп арт жагынан, Бир кезде алма менен уруп качты* (Үмөталиев).

4. Куруу, согуу. *Күмүштөн дубал ургандай, Чырагың жанып тургандай* (Барпы).

5. Белги салуу, басып из түшүрүү. *Геологдор болсо, «баланча жерде көмүр бар» деп гана белги урушат* (Сасыкбаев). *Ким аган,«меники» деп, тамга урбаган* (Турусбеков).

6. Кагуу. [*Элебес*] *чотун урган сайын Акиясынын басканын эстеп турат* (Сыдыкбеков). *Үн алышып гудоктору күркүрөп, Коммунизм коңгуроосунургандай* (Аалы).

7. Башка сөздөр менен кошулуп каргыш, наалат, каргап-шилөө же тилдөө маанисиндеги сөздөр колдонулат. *Алдап айттың сөзүңдү, Ант урсун сенин өзүңдү* («Манас»). *Антынан тайган кыргызды Арбагы урсун Манастын* (Маликов). *Туз урсун* (Токтогул). *Каргыш урган* (Абдукаримов). *Көк урсун* (Сыдыкбеков).

8. Атоочу сөздөргө кошулуп, алардын кыймыл-аракетти, ал-абалды көрсөткөн манисин билдирүү үчүн колдонулат. *Кам урду. Кеп урду. Док урду. Чабак урду.*

◆ **Алып уруу же көтөрүп уруу — жыгуу.** *Акылгер алпты жыгар ыгын тапты, Айлантып алып уруп жерге чапты* (Акаев).

Кыйкырык-сүрөөн укканда, көтөрүп уруп жамдаса, Балбандын көркү билекте (Жантөшев). **Ак уруу** — кайыр суроо, тилемчилик кылуу. *Кайыр үчүн ак уруп, эл аралап жүрөсүң* (Жантөшев). **Уруп кете берүү** — *сүйл.* токтолбостон жөнөп кетүү, жүрүп кете берүү. *Күндү күн, түндү түн дебестен [малчылар] уруп кете беришет* (Жантөшев) **Кулдук уруу** — жүгүнүү, баш ийүү. *Кызына сөйкө салайын, Кулдук уруп калайын* («Эр Төштүк»). **Баш уруу — кулдук уруу** менен бирдей.

УРА *этиш.* Бузулуп, кыйрап жогорудан төмөн кулоо, кемирилип, ажырап түшүү (мис., дубал). *Ал зоолор азыр ураган Ат жүрбөгөн жерлерден Автомобиль чубаган* (Үсөнбаев).

УРАА *сырд.* 1. Атакага чыкканда демилгелөө иретинде колдонулат. *«Кош эне, кош элим!» — деп, артына бурулуп айтып болуп, — ураа! айтып жөнөдү* (Сыдыкбеков).

2. Кубаттоо, салтанаттуу мүнөз берүү иретинде колдонулат. *Иничектер, жеткинчектер, Сыймык сага Ураа! Ураа! Кол чабабыз кубана* (Нуркамал).

УРААЛА *этиш.* «Ураа!» «Ураа!» деп кыйкыруу. *«Жашасын социалисттик революция!» деп Ленин жар салганда, Андрей да үнүнүн бардыгынча ураалаган* (Сасыкбаев). *Атака коюп ураалап, Согушка кирдим, энеке* (Шүкүрбеков).

УРААЛАТ ураала этишинин аркылуу мамилеси.

УРААЛОО ураала этишинин кыймыл атоочу.

УРААН *зат.* 1. *тар.* Согуштук чакырык. *Майданга чыкты бакырып, Манастап ураан чакырып* (Баялинов).

2. Уруу, тукум, эл. *Ураанын ким, жериң ким? Уругуң ким, элиң ким?* («Эр Төштүк»).

3. Жетекчиликке алынган идеяны, милдетти же саясий талапты кыскача формада көрсөткөн чакырык, лозунг. *Партиянын алга койгон ураанын, Орундоого милдеттүүбүз аянбай* (Аалы). *Жазгы айдоого карата ураандар жазышып, дубалга илишти* (Сыдыкбеков).

УРААНДАШ *этиш.* Ураан талашуу, уруу-урууга бөлүнүү. *Ураандаша чыгуу.*

УРААНДАШУУ ураандаш этишинин кыймыл атоочу.

УРААНЧЫЛ *сын.* Ураан талашкан, өз ураанын жактаган, жаатчыл.

УРАН *зат.* Радиоактивдүү химиялык элемент.

УРАНДЫ *зат.* Урап түшкөн, кулаган же кыйрап калган дубалдын, үйдүн ж. б. жалпы аталышы. *[Ата Мекендик Согушта] ондогон шаарлар урандыга айланды* («Жаш ленинчи»). *Чечинип таштап кеменин ичиндеги урандыларды тазалоого киришти* (Касымбеков).

УРАТ ура этишинин аркылуу мамилеси.

УРГААЛ *такт.* Өзгөчө катуу темп менен. *Ургаал шилтөө.*

УРГААЛДУУ *сын.* Өзгөчө катуу темптеги. *Ургаалдуу иш.*

УРГААЧЫ *зат.* 1. Жыпысы жагынан эркекке карама-каршы ар кандай жан. *Ургаачы музоо. Ургаачы улак.*

2. *сүйл.* Аял, кыз. *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачының ыктысы* («Эр Төштүк»).

УРГАН *сын.* Кем, санда жок деген сыяктуу мааниде жамандыгын көрсөтүп, көбүнчө кемсинтүү иретинде колдонулат. *Кара карга үндөнүп, Каркылдаган урганым!* (Токтогул). *Эки дан да тийбептир Эринген жалкоо ургага* (Үсөнбаев).

УРГУ *зат.* Сүмбө, шомпол. *Кыргы менен кыргылап, Ургу менен ургулап* («Семетей»).

УРКУЙ *этиш.* Уруюп өзгөчө бөлүнүп чыгып туруу. *Уркуйган ташты кестирип, Машина жүрчү жол кылды* (Барпы). *Эки бетинин сөөгү уркуйган.*

УРКУЙТ уркуй этишинин аркылуу мамилеси.

УРМА *сын.* Топурактан уруп, ныктап, таптап курулган. *Тезекбай үй-бүлөсү менен урма дубал тургузуп жаткан учуру* (Маликов). *Урма там.*

УРМАТ *зат.* Ардактоого, барктоого татыктуу болгон кадыр, сый, ызаат. *Ушакчы болгон жигиттин Урматы болбойт калкына* (Токтогул). *Жашка — кызмат, карыга — урмат* (макал).

УРМАТТА *этиш.* Ардактоо, кадырлоо, сыйлоо, урмат көрсөтүү. *Урматтап башымды ийип, салам айттым* (Үметалиев).

УРМАТТАЛ урматта этишинин туюк мамилеси.

УРМАТТОО урматта этишинин кыймыл атоочу.

УРМАТТУУ *сын.* Кадырлуу, ардактуу, жогорку даражадагы. *Кайрат-кубат дем бердиң. Ушунчалык жыргалды, Урматтуу Ленин сен бердиң!* (Токтогул).

УРНА *зат.* 1. Жашырын добуш берген кезде шайлоо бюллетендерин салуу үчүн атайын ылайыкталып жасалган ящик.

2. Көчөлөргө же көпчүлүк орундарга шыпырынды, таштанды салуу үчүн коюлуучу идиш, ящик.

3. Өлгөн кишини өрттөгөндөн кийин анын күлү салынып сакталуучу куту, идиш.

УРПАК *зат.* 1. **улпак** менен бирдей.

2. Укум-тукум. *Биздин кылым укмуш сонун. Укмуш эмгек калса экен! Бул кылымдын толук сыры, Урпактарга барса экен!* (Аалы). *Баатырдан калган шумкарым, Бабадан калган урпагым* («Семетей»).

УРУЙ *этиш.* Томпоюп чыгып туруу, уркуюп туруу. *Чөккөн төөнүн тизесиндей уруюп турат* (Сыдыкбеков).

УРУЙТ уруй этишинин аркылуу мамилеси.

УРУК *зат.* 1. Үрөн, үрөндүк дан, тукумдук дан. *Сап-сап кылып жөөктөп, Сапаттап урук септирген* (Осмонкул). *Карып Култай аксакалдан урук сурап алып сабиз, пияз, коон-дарбыз эгип коюуну ойлоду* (Абдукаримов).

2. Уруу, тукум. *Анжыянда тургуу, Адигине ургуу* (Тоголок Молдо). *Болот*

миңбашынын уруктарынын бирөө менен уруша кетти (Абдукаримов).

3. Ургаачы балыктын майда-майда тукумдук жумурткалары, икра.

4. Адамдын, айбандардын эркектик тукумдук суюктугу.

УРУКСАТ *зат.* Кандайдыр бир ишти иштөөгө, жөнөөгө ж. б. макулдук. *Уруксат сизге, Осоке, Узата бергин ар жагын* (Үсөнбаев). — *Бул катты мага уруксат этиңиз, мен сактап жүрөйүн,— деди Күлай* (Сыдыкбеков).

УРУКТА *этиш.* Урук байлоо, урук пайда болуу.

УРУКТАН урукта этишинин өздүк мамилеси.

УРУКТАНДЫР *этиш.* Куудуруу, каратуу.

УРУКТАНДЫРУУ уруктандыр этишинин кыймыл атоочу.

УРУКТАШ I *сын.* Бир уруктан, бир тукумдан. *Урукташ туугап жапжакын* («Саринжи—Бөкөй»).

УРУКТАШ II *этиш.* Урук-урукка бөлүнүү, туугандашып кетүү. *Урукташа кетишти.*

УРУКТУК *сын.* Атайын урук кылууга арналган, сакталган. *Уруктук дан.*

УРУЛ ур этишинин түюк мамилеси.

УРУН *этиш.* 1. Башка бир нерсеге тийүү, кагышып калуу. *Өзүңө урунбас үчүн, өзгөгө жарык кыл* (макал). *Эшиктен кире берерде босогого урунуп алды* (Жантөшев).

2. Көзгө көрүнүү, көзгө чалдыгуу, учуроо. *Акбар чыгышка бурулду эле, көтөрүлүп келаткан күндүн нуруна көзү урунду* (Убукеев). *Ал анчалык көзгө урунбаган оор мүнөздүү токтоо жигит боло турган* (Сыдыкбеков).

3. Пайдалануу, колдонуу. [*Динар*] *Аскардын таптаза урунган күндөлүгүн.. булгап койгонуна өкүндү* (Сыдыкбеков).

УРУНТ: урунт жер — жолдордун келип кошулушкан же кандайдыр иштин түйүндүү жери.

УРУНТ II урун этишинин аркылуу мамилеси.

УРУНУУ урун этишинин кыймыл атоочу.

УРУНЧУК *зат.* Бир нерсенин уркуюп, өзүнчө бөлүнүп чыгып турган жери. [*Жамал*] *асканын тик жаккы бетине карай басып, бир таштын урунчугун кармап тура калды* (Жантөшев).

УРУУ I *зат.* 1. Өз ара туушкандык мамиледе болгон адамдардын тобу. *Чалдар Даниярдын кай уруудан экенин да таап беришти* (Айтматов).

2. *өт.* Түр, түркүм. *Ар уруу өсүмдүктөргө толтурулган бир нече папкалар пионерлер бөлмөсүнө коюлган* (Сыдыкбеков).

УРУУ II ур этишинин кыймыл атоочу.

УРУУЛАШ I *сын.* Бир уруунун тобуна кирүүчү, бир уруудан, уруусу бир.

УРУУЛАШ II *этиш.* Уруу-урууга бөлүнүү, туугандашып жаатташа кетүү. *Руулашып силер мага жеткенче, Далай бар— деп, уят кылып таштачу* (Аалы).

УРУУЛУУ *сын.* 1. Ар түрдүү уруусу бар, уруулары көп. *Көп руулуу.*

2. Ар түрдүү, түркүн-түркүн. *Сан руулуу, Сан эл барат поезддө* (Элебаев).

УРУУЧУЛДУК *зат.* Уруунун таламын талашкандык, уруу-уруу болуп бөлүнүүчүлүк.

УРУУЧУЛУК уруучулдук менен бирдей.

УРУШ I *зат.* 1. Мушташ, чатак, чыр, жанжал. *Урештун башы тилдешүү* (макал).

2. Согуш. *Баатырдын көркү урушта* (Токтогул.) *Кашкайып отрядга ал бет баккан, Өзү жаш уруш жайын билбесе да* (Токобаев).

УРУШ II *этиш.* 1. Мушташуу, чатакташуу, чырлашуу, жанжалдашуу. [*Кебек карыя Андрейге*] *азыр барып Барпы менен уруша тургандыгын айтты* (Байтемиров).

2. Согушуу. *Кызыл кан төгүп урушуп, Эркиндиктин кызыл туу, Көкөлөгөн ушул ай* (Осмонкул).

УРУШТУР уруш этишинин аркылуу мамилеси.

УРУШУУ уруш этишинин кыймыл атоочу.

УРУШЧААК *сын.* Чыр-чатак чыгарганды, урушканды жакшы көргөн. *Катының урушчаак болсо, элим тынч деп ойлобо* (макал). *Курсагы ачкан — урушчаак* (макал).

УРУШЧААКТЫК *зат.* Чыр чыгаруучулук, чатак чыгаруучулук, урушканды жакшы көргөндүк.

УРУЯТ *зат.* 1. *эск.* Эркиндик. *Урматтуу Ленин жол ачып, Уруят берди аялга* (Тоголок Молдо).

2. *эск. сүйл.* Совет бийлиги. *Уруят алдында датташпай эле бирди эки кылып төлөйүн* (Сыдыкбеков).

УСТА *зат.* 1. Өз ишин абдан мыкты билүүгө жетишкен кылдат адис, чебер. *Кыргызга даңктуу Зууракан, Кызылчанын устасы* (Осмонкул). *Адам өмүрдүн тукасы, турмуштун устасы болот тура!* (Жантөшев).

2. Темирчи, жыгаччы. *Жыгач усталары* [*станцияга*] *өз жумуштары менен келип жатышат* (Сасыкбаев).

УСТАВ *зат.* Кандайдыр бир уюмдун түзүлүшүн жана иш аракетин аныктоочу эрежелердин, жоболордун жыйындысы; кандайдыр бир нерсени колдонуу же ишти аткаруу тартибин белгилей турган эрежелердин жыйындысы. *Партиянын уставы. Айыл чарба артелинин уставы.*

УСТАЗ устат менен бирдей.

УСТАКАНА *зат.* Усталар узануучу жай. [*Жакыпка*] *колхоз устакана салып берген* (Бейшеналиев). [*Акбар*] *чаңкылдаган балканын үнүн улап устаканага кирди* (Убукеев).

УСТАЛЫК *зат.* 1. Чебердик, кылдаттык, адистик. *Токтор аксакал сөздү өтө усталык менен бөлүп кетти* (Абдукаримов).

2. Жыгаччылык, темирчилик, устанын

кесиби, өнөрү. *Бекжан төрт-беш айдан кийин өз алдынча усталык кылууга жарап калат* (Абдукаримов). *Колунан көөрү төгүлгөн усталыгы бар эле* (Токтогул).

УСТАРА *зат.* Сакал, мурутту жана чачты алуу үчүн колдонулуучу көбүнчө бүктөлмө бычак түрүндөгү абдан курч аспап. *Актан ата устарасын куруна жанып, курчутуп жатты* (Бейшеналиев)

УСТАТ *зат.* 1. Үйрөтүүчү, акыл-насыят берүүчү, тажрыйбалуу жетекчи. *Жаны ачып жолду чапкан түбөлүк Эмес беле улуу устат Ленин* (Турусбеков). *Мени оймочулуктун асыл өнөрүнө үйрөткөн устатым* (Касымбеков).

2. Уста, чебер адис, мастер. *Өз ишинин устаты. Мол түшүмдүн устаттары. Мал чарбасынын устаты.*

УСТАТТЫК *зат.* Кылдаттык, чебердик, уздук. *Уста кандай болсо, устаттык ошондой* (макал). *Бүбүш жаш күнүнөн тартып эле үй ишине сарамжалдуулугу, иш жагына устаттыгы менен элге атыккан эле* (Таштемиров).

УСТУКАН *зат.* Азыраак эти калтырылган жилик, сөөк. *Чоң эне баш табактан устукан алды* (Сыдыкбеков).

УСТУКАНДА *этиш.* Бир аз өлчөмдөгү этин калтырып, жиликтин, сөөктүн этин ажыратуу, устукан чыгаруу. *Түлкүбек Күмүшкө бир жамбашын гана устукандап берди* (Жантөшев).

УСТУКАНДАТ устуканда этишинин аркылуу мамилеси.

УСТУКАНДАШ устуканда этишинин кош мамилеси.

УСТУКАНДОО устуканда этишинин кыймыл атоочу.

УСТУМ устун менен бирдей.

УСТУН *зат.* 1. Сомдолгон, бутактары жок узун жоон жыгач. [*Жыгаччылардын*] *бири курч балтасын жалантып устун сомдосо, бири тактай жылмалайт* (Сыдыкбеков).

2. Үйдүн төбөсүнө, потологуна коё турган узун жоон жыгач. [*Суусамырга*] *эки бөлмөлүү бир үй тургузуу үчүн, эң жок дегенде эки устун керек, чабактарын болсо, эптеп жеткиребиз* (Байтемиров).

УТ *этиш.* 1. Ар түрдүү оюндарда же спорттук мелдештерде жеңүү, жеңип чыгуу. *Оюндун акыры жакындап калды... кимиси топ түшүрсө эле, утуп чыкканы турат* («Ленинчил жаш»).

2. Оюнда же заём, лоторея утуштурганда тиешелүү өлчөмдөгү утушту алуу. *Абалдан берки мөрөйдү, Табылды бүгүн утту дейт* («Эр Табылды»).

3. Пайда көрүү, артыкчылыкка жетишүү, ийгиликке жетишүү. *Ар-намыс, бул бир жарыш, оюн-кумар, Талыкпай ким иштесе ошол утар* (Үмөталиев).

УТОПИСТ *зат.* 1. Утопиялык социализмдин жактоочусу.

2. Утопияга, кыялга берилүүчү адам, фантазёр.

УТОПИЯ *зат.* 1. *филос.* Коомдук өнүгүүнүн объективдүү закон ченемдүүлүгүн илимий жактан түшүнүүгө негизделбеген социалдык кайра куруу, идеалдык коомдук түзүлүш жөнүндөгү окуу.

2. Фантазия, иш жүзүнө ашпай турган кыял, куру кыял.

УТОПИЯЛЫК *сын. филос.* Утопияга негизделген (1-маанисинде), илимий эмес; иш жүзүнө ашпай турган, куру кыялданган.

◆ **Утопиялык социализм** (же коммунизм) — коомдук өнүгүүнүн закондорун таанып-билүүгө негизделбестен, идеалдык коомдук түзүлүш жөнүндөгү ойго негизделген, коомду социалисттик кайра куруу жөнүндөгү марксизмге чейинки окуу.

УТТУР *этиш.* Оюнда, спорттук мелдештерде ж. б. жеңилип калуу, жеңдирип коюу. *Оюндун биринчи жарымында уттуруп баратканына көздөрү жеттиби, биологдор чыр башташты* (Бейшеналиев).

УТТУРУУ уттур этишинин кыймыл атоочу.

УТҮЛ *этиш.* Оюнда, спорттук мелдештерде ж. б. жеңилип калуу.

УТУЛУУ утул этишинин кыймыл атоочу.

УТУР утуру менен бирдей.

УТУРЛА утурула менен бирдей.

УТУРУ *такт.* 1. Бет маңдайынан, алды жагынан. *Алар Шилбилүүнүн белине чыгып калышканда, өздөрүнө утуру келе жатышкан эки жөө* [*адам*] *кездешти* (Сыдыкбеков).

2. Улам-улам, кайра-кайра. *Утуру жылып отуруп, Алымкул кыйраган карагайга жетти* (Сыдыкбеков).

◆ **Утуру-тетири** — карама-каршы, баш аламан, чалды-куйду. *Утуру-тетири шамал боло баштады* (Жантөшев).

УТУРУЛА *этиш.* Бет ала чыгуу, алдынан каршы чыгуу, алдын ала аракет кылуу. *Бир жигит утурулай басып, келген жигиттин атын алды* (Жантөшев). *Кийин сөз боломбу деп* [*Шариптин*] *алдын ала утурулаганы эле* (Бейшеналиев).

УТУРУЛАТ утурула этишинин аркылуу мамилеси.

УТУРУЛОО утурула этишинин кыймыл атоочу.

УТУРУМ: жазга утурум — жазга маал, жазга жуук.

УТУУ ут этишинин кыймыл атоочу.

УТУШ I *зат.* 1. Оюнда, спорттук мелдештерде жеңип алгандык, жеңишке жеткендик.

2. Заём, лоторея билетин тираж боюнча ойногондо чыккан акча же буюм.

УТУШ II ут этишинин кош мамилеси.

УТЮГ үтүк менен бирдей.

УУ I *зат.* 1. Ууктыруучу зат. *Билбеген уу да ичет* (макал). *Жыландын териси кооз, тиши — уу* (макал).

2. *өт.* Кайгы, зар, муң, азап. *Муну көрүп, аны укkан соң, карынын жүрөгүн уу, кыялдарын дат алды* (Аалы). *Асан карыя көптү көргөн, ичпеген суусу, тапаган уусу жоктур* (Аалы).

3. *өт.* Жан кейите турган, жанга баткан. *Курбалынын көзүнчө катуу кагуу жеп,*

сөөктү сыздаткан уу тил үгүп, Көкө шалдая түштү (Касымбеков). *Уу тырмагын манаптар Кабырегага батырган* (Тоголок Молдо).

УУ II *зат.* 1. Мергенчилик, аңчылык, балык кармоочулук. *Атышып аркар, кулжа үч бир тууган, Ар күнү уу уулашты ойдон-кырдан* (Үмөталиев). *Мергендин адаты ууга чыгыш, менин адатым шыралга алыш* (Байтемиров).

2. Кандайдыр бир иштин шарты, ыгы, жолу, жөн-жайы, ички сыры. *Жердин уусун билишкен Кебек өзүнүн он аскери менен жол чалып келе жатат* (Жантөшев).

УУ III: уу-чуу *же* **уу-дуу** *зат.* Тартипсиз, баш аламан чыккан үндөр, кыйкы-рык-өкүрүк, чуулдаган, дуулдаган дабыш. *Даша уу-чууга аралаш жүрүп олтурду* (Сасыкбаев). *Базарбек айылга жакындаганда уу-чуунун үстүнөн чыкты* (Каимов).

УУГУУ уук этишинин кыймыл атоочу.

УУЗ *зат.* 1. Туурдун, төрөрдүн алдында жана туугандан, төрөгөндөн кийинки биринчи мезгилдерде чыгуучу коюу сүт. *Куудай аппак эгиз эрке козулар, Уузга тоюп, үргүлөшөт ойгонбой* (Аалы). *Уктай берет жаш бала, Уузга тойсо ойгонбой* (Осмонкул).

2. *өт.* Жаш, жаңы, жетиле элек. *Ууз талдай буралтып, Ак кайыңдай бүрдөтүп* (Осмонкул). *Ал күндөн баштап күүрт элес калган, Кырчындай ууз элек, жаштык кайран* (Абдыраманов). *Ууз кымыз.*

3. *өт.* Таза, кирсиз. *Жайкы желдин жыпар ууз жытына Үй да, кой да, малчыларым тең шерик* (Осмонкул).

◇ **Тууй элек уйдун уузуна күтүү** — эч бир дайыны жок эле бир нерсеге күтүү, жакында болор-болбосу белгисиз болгон нерсени күтүү.

УУЗДАЙ *сын.* Таза, кирсиз, тунук. *Үйлөрүндүн бардыгы аппак уздай* (Калык). *Жүрөгүм айтпа андай пикириңди, кирдейт... сулуунун уздай ак көөнү* (Турусбеков).

УУК I *зат.* Боз үйдүн түндүгү менен керегесин бириктирүүчү, түндүккө бириге турган жагы учтуу, керегеге бириге турган жагы бир аз ичин көздөй ийилип, жалпак келген, боолуу, узун жыгач. *Талдан жасалган уук* (Жантөшев). *Асан карыянын үйүнүн ууктары сыртынан саналат* (Аалы).

УУК II *этиш.* 1. Уулануу. *Бардыгы уугуп калгансып жымжырт* (Жантөшев).

2. *өт.* Жаны күйүү, жанына батуу. *Бөтөнчө акыркы сөздү укканда Шарип уугуп кетти* (Бейшеналиев).

УУКТУР уук этишинин аркылуу мамилеси.

УУЛ *зат.* Эркек бала. *Уулуң өссө — урумга, кызың өссө — кырымга* (макал). *Колунда бир уул, бир кызы бар* (Сыдыкбеков).

УУЛА I *этиш.* 1. Ууландыруу; ууктуруу. *Улап койгон эт.*

2. *өт.* Жан кейитүү, жанына батуу. [*Унчукпады*] *менин сөзүм, Денин уулап кеткендей* (Нуркамал).

УУЛА II *этиш.* Аңчылык кылуу, мергенчилик кылуу, балык кармоо. *Аркар уулап, бугу кууп, Элемандын сырттаны* («Эр Төштүк»). *Жигиттер, арык бойлоп балык уулап жүрөсүңөрбү?* (Бейшеналиев).

◆ **Түтүн уулоо** — 1) акмалоо, кароо. *Түтүндү уулап, куугунчулар же өтүп бара жаткан жүргүнчүлөр келип калуу коркунучу* [*турат*] (Жантөшев); 2) ар кайсы үйгө, көрүнгөндүн үйүнө кире берүү, кыдыруу.

УУЛАН *этиш.* Уунун таасирине кабылуу, уугуу.

УУЛАНДЫР уулант менен бирдей.

УУЛАНТ уулан этишинин аркылуу мамилеси.

УУЛАНУУ уулан этишинин кыймыл атоочу.

УУЛОО уула этиштеринин кыймыл атоочу.

УУЛУК уук II менен бирдей.

УУЛУУ *сын.* Уусу бар; уу кошулган, ууландыра турган. *Курчаган жанган жалын ошол чөлдөн, Ойногон уулуу жылан ошол жерден* (Бөкөнбаев).

УУРДА *этиш.* Бирөөнүн малын, мүлкүн же коомдук мүлктү көрсөтпөй, билдирбей, уруксатсыз алып кетүү, катып алуу, кымтып алуу. *Алтынын көрүп бирөөнүн «Алсам» деп уурдап, оолукпа* (Осмонкул). *Сенин болот өгөөңдү Кемпир уурдап алыптыр* («Эр Төштүк»).

УУРДАЛ уурда этишинин туюк мамилеси.

УУРДАН *этиш.* Эч кимге көрүнбөй, билинбей, жашырын аракет кылуу. *Уурданып келип кетти.*

УУРДАТ уурда этишинин аркылуу мамилеси.

УУРДАШ уурда этишинин кош мамилеси.

УУРДОО уурда этишинин кыймыл атоочу.

УУРТ *зат.* Эриндин кычыктарына тийишип турган бет бөлүгү. *Өрмө камчынын учу оролуп келип Алымкулдун ууртуна тийди* (Абдукаримов). [*Чоң эненин*] *жумшак уурту булкуп-булкуп тартты* (Сыдыкбеков).

◆ **Ууртунан жылмаюу** — акырын билинер-билинбес күлүп коюу, күлүмсүрөө. *Аскар акырын ууртунан жылмайды* (Сыдыкбеков). *Абдыкерим аке сакалын сылай, ууртунан жылмайып, чалкалай отурду* (Абдукаримов).

УУРТА *этиш.* Шимирип жибербестен, ууртун толтура бөлүп-бөлүп кичинеден ичүү. *Арыктын жээгинде отуруп, сол колум менен суу ууртап, бир аз эс алдым* (Абдукаримов). *Алым нандан тиштеп, чайдан ууртады* (Жантөшев).

◆ **Ууртап-татуу** — кичинеден, аз-аздан ичүү. *Ууртап-татып жүрүп Көкө да* [*тоюп алган*] (Касымбеков).

УУРТАМ *зат.* Бир ууртоого ылайык келген өлчөм. *Бир ууртам суу.*

УУРТАТ уурта этишинин аркылуу мамилеси.

УУРТОО уурта этишинин кыймыл атоочу.

УУРУ *зат.* 1. Бирөөнүн же коомдун малын, мүлкүн ж. б. көрсөтпөй, билдирбей, уруксатсыз уурдап алган киши, уурулук кылууга кыныктанган, үйрөнгөн киши. *Уурусу күч болсо, ээсин коркутат* (макал).

2. Уурулук. *Укпайт деп ушак айтпа, көрбейт деп ууру кылба* (макал).

УУРУЛУК *зат.* Бирөөнүн же коомдун малын, мүлкүн ж. б. уурдап алуучулук.

УУРЧУК *зат.* Кандайдыр бир нерсенин (тоонун же дөбөнүн) кууш тартып уркуюп чыгып турган жери, тумшугу. *Андан ары бастырса, Такыядай боз дөбө Уурчугу чыгып көрүнөт* («Эр Табылды»).

УУСУЗ *сын.* Уусу жок. *Уусуз жылан экен, Болбосо чагат эле Анарды* (Шүкүрбеков).

УУТАНА *зат.* 1. Уулуу чөп, абдан ачуу даамы бар чөп өсүмдүгү. *Ар-ар жерден тоо чычырыгы чыйпылдап уча качат да, тигиндейрээк барып уутананы селкилдетип учуна конот* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Абдан ачуу.

УУЧ *зат.* Колдун манжаларын алаканды көздөй ийип бүрүштүргөндөгү абал; ошол абалда колдун ичине туура келген өлчөм, чен. *Жаргылчактын оюгуна бир ууч жүгөрүнү салат да, туткасынан кармап жай тегеретет* («Ала-Тоо»)

◆ **Кош ууч** — эки колдун алакандарын бириктирип, бири-бирине тийиштирип туруп манжаларын ичин көздөй ийгендеги абал, кочуш. [*Ашым бөдөнөгө карап*] *«Байгеңе бир чоң кош ууч тартуу беремин* (Сыдыкбеков). **Бир ууч** — аз, бир аз сандагы, бир аз гана.

УУЧТА *этиш.* Уучуна толтуруп алуу, уучка толтура кармоо. *Уучтагандай кол толот, Ушаласаң дандарын* (Аалы).

УУЧТАЛ уучта этишинин туюк мамилеси.

УУЧТАТ уучта этишинин аркылуу мамилеси.

УУЧТОО уучта этишинин кыймыл атоочу.

УУЧУ *зат.* Мергенчилик кылуучу, ууга чыгуучу, аңчылык кылуучу. *Уучуларыбызга тапшырма берсек, тирүү карышкырларды да кармап келишет* (Бөкөнбаев).

УУЧУЛУК *зат.* Мергенчилик, аңчылык, ууга чыгуучулук. *Азизхан уучулуктан жолу болбой келе жатты* (Осмонов).

УЧ I *зат.* Кандайдыр бир нерсенин бүткөн жери, эң баш жагы, жогору жагы, кылда башы, чети. *Тенти карандашынын учу менен партаны тыкылдатып, балдады тартипке чакырды* (Бейшеналиев). *Бүбүш жеңинин учу менен маңдайындагы терин сүрттү* («Ала-Тоо»).

◇ **Калем уч** *к.* **калем 1. Ооз учунан жооп кайтаруу**—көңүлдөнбөй, арсарсып туруп, араң эле жооп берүү. *Ооз учунан жооп кайтарды.* **Учуна чыгуу** — аягына чыгуу, түгөтүү, жок кылуу. *Малдын учуна чыкты.* **Тил учунда** — айтайын дегенин айтпай калуу, токтотуп коюу. *Ал тамашасын тилинин учунда токтотту* (Сыдыкбеков). **Көз учунда** — алыста, жеткен жерде; көз алдында. *Көк муз жамыган төрлөрү да көз учунда мелтирейт* (Сыдыкбеков). *Ашым көз учунан жамыратып, дептердин кайра баракталы* (Сыдыкбеков). **Учу-кыйыр** *к.* **кыйыр. Учу узаруу** — иши илгерилөө, жакшылыкка жетүү, укум-тукуму көбөйүү. *Учуң узарсын, кагылайын! Эмгек учуңду узартып, ургуңду көбөйтөт!* (Жантөшев).

УЧ II: эс-учун жыюу *к.* эс I.

УЧ III *этиш.* 1. Асманга, абага көтөрүлүү (мис., канаттуулар, самолёт ж. б.). *Карагай-Булак, Чоң-Ак-Суу, Көлдөн учту көп ак куу* (Сыдыкбеков).

2. Тез чуркоо, тез жүгүрүү, тез жүрүү. *Туяктын чаңы буркурап, Тулпарым учат зыркырап* (Аалы).

3. Тез өтүү (мис., мезгил, убакыт). *Күндөр учту, балапандай шакталып, Класстардан класстарга аттадың* (Аалы). *Учат-учат аяндабай, Өмүр деген дилгирем* (Аалы).

4. Жыгылып түшүү, кулап түшүү, ыргып кетүү. *Зоодон учкан ошол күнкү Кара мерген эсимде* (Аалы). *Көк сүлөөсүн күндүз бөрк Учуп түштү башатаң* («Манас»).

5. Алга карай умтулуу, тез илгерилөө. *Күндөп гүлдөп алгалап, Темптер менен учабыз* (Аалы).

6. Эргүү, толкунануу. *Кыялы учту. Көңүлү көккө учту.*

7. *өт.* Өлүү. *Күкүгүм учту элимден, Күлпөтүм кетти жеримден* (Токтогул).

◇ **Көздөн учуу** *к.* **көз. Жүрөгү алып учуу** — жүрөгү токтоно албоо. *Жүрөгүм алып учуп, уктагым келбеди* (Жантөшев). **Куту учуу** — 1) бакты-таалайы кетүү, иши кыйшаңдоо; 2) абдан коркуп кетүү, үрөйлөнүп, өңү өзгөрө түшүү. **Учуп-күйүү** — кандайдыр бир нерсеге катуу шашуу, жан алакетке келүү, өтө тез кыймылдоо же өтө капа болуу. [*Койчу*] *учуп-күйүп барып, чаначына суу алып келип,.. алоолонто от жакты* (Сасыкбаев). **Үрөйү учуу** — абдан коркуп кетүү, коркуп, өңү өзгөрө түшүү. *Эки жолдошу аны* [*Кычанды*] *бул абалдан кутказмак турсун, өзүлөрүнүн үрөйлөрү учту* (Бейшеналиев). *Экинчи жолу, жигиттер, кымыз куйганда үрөйүм учту* (Абдукаримов). **Окко учуу** — ок тийип өлүү, октон өлүү. *Айткулу уркүндө окко учкан* (Баялинов). *Аты окко учкан башы аман, Жаралуу болгон далай жан* («Манас»).

УЧА *зат.* Жетим арка менен чычандын ортосуна жайланышып, эки жамбашты бириктирип туруучу туташып кеткен омуртка жана дененин ушул бөлүгү (көбүнчө жыл кыга карата). *Учаны алыңыз, жол сиздики* (Жантөшев).

УЧАН: 1. учан теңиз — учу-кыйры жок, чексиз. *Учан теңиз көп журтум Угуп көөнү жаркыган* (Тоголок Молдо).

2. **Кийимдин** (мис., пальто, бешмант ж. б.) **эки өңүрүнүн ортосуна келген аркасы, арткы бөлүгү.**

УЧАСТКА участок менен бирдей.

УЧАСТКАЛЫК *сын.* Участокко таандык белгилүү бир участокко бекитил-

ген. *Участкалык шайлоо комиссиясы. Участкалык агроном.*

УЧАСТКОВЫЙ *зат. сүйл.* Участкалык милиционер

УЧАСТОК *зат.* 1. Өзүнчө бир бөлүк жер. *Курулуштун устасы Матвеев участоктун жайын түшүндүрүп жатты* (Сасыкбаев).

2. Административдик-территориялык жагынан же өндүрүштүк жактан бөлүнгөн жер, бөлүк. *Шайлоо участогу.*

3. Кандайдыр бир иштин тармагы, бөлүгү. *Саясий агитация — партиялык иштин эң маанилүү участогу* («Коммунист»).

УЧКАЙ *сын.* 1. Эң учунан, чет жагына жакын, четинен. *Учкай тигилген. Чепкенинин жакасынан учкай кармап силкип жиберди.*

2. Акырын-акырын, үстүртөн гана. *Учкай-учкай кагуу. Учкай сөз.*

УЧКАШ *этиш.* Бир унаага катарлашып, биринин артынан бири минип алуу. *Экөөбүз учкашкан бойдон чаап бардык* (Сыдыкбеков). *Сен мага учкаш.*

УЧКАШТЫР **учкаш** этишинин аркылуу мамилеси.

УЧКАШУУ **учкаш** этишинин кыймыл атоочу.

УЧКАЯК *сын.* Жеңил чуркаган өкүм, бирок чыдамдуу эмес. *Жаныбарым учкаяк жылкы экен* (Бейшеналиев).

УЧКУЛ *сын.* Тез уча турган, зыпылдаган; ылдам чуркаган, күлүк. *Жарашыктуу жалпыга, Куш учкулу карчыга* (Барпы). *Желдей учкул ат минген, Жергемдеги жылкычы* (Аалы).

УЧКУН *зат.* 1. Күйүүдөн же абдан ысып кызуудан пайда болгон кыпын, оттун чачыраган майда кыпындары. *Анда-санда алоолоп жанган куурайдын учкундары түндүктөн көрүнөт* (Жантөшев). *Кызыл учкун* [*чарыктан*] *шыр-шыр этип чачырады* (Сасыкбаев).

2. Кандайдыр бир нерсенин жылтылдаган майда бөлүкчөсү. [*Алексей Александрович*] *кумду алаканына салып, аны күндүн нуруна кармап турду эле, жылт-жылт эткен майда учкундар даана көрүндү* (Таштемиров).

3. Эгинди сапырганда туш-тарапка чачыраган майда-барат ыпыр-сыпырлары. [*Кырмандын*] *ары жагында учкуну менен аралашып азыраак буудай жатат* (Жантөшев).

4. *өт.* Кандайдыр бир сезимдин, жөндөмдүүлүктүн ж. б. сезиле түшкөн элеси. *Анын* [*Гүлайдын*] *көзүнөн сүйүүнүн аябай чатырап жанган отунун учкундары көрүнөнсүдү* (Абдукаримов). *Кулбаштын кайраттуу көзүнөн кубанычтын учкундары көрүндү* (Абдукаримов).

◆ **Учкун алдында** — эң мурда, а дегенде, биринчи болуп. *Учкун алдында келүү.*

УЧКУР **учкул** менен бирдей.

УЧКУЧ *зат.* Самолётту башкаруучу киши. *Мен да болом эр жетсем, Өлкөнүн учкуч баатыры* (Маликов).

УЧМА *зат.* Тоонун кар менен капталган тик ылдый боору, бети, жантаймасы.

УЧТА *этиш.* 1. Кандайдыр бир нерсенин учун ичкертүү, уч чыгаруу. *Карандашын чоң бычак менен учтады* (Жантөшев).

2. *өт.* Узартуу, улоо. *Жеңиңди учтатып алсаң боло* («Ала-Тоо»).

УЧТАЛ **учта** этишинин туюк мамилеси.

УЧТАН *этиш.* Учу же аяк жагы ичке, кууш тартуу, учтуу болуу. *Жатып калды Табылды, Учтанган кара сеңирге* («Эр Табылды»).

УЧТАТ **учта** этишинин аркылуу мамилеси.

УЧТОО **учта** этишинин кыймыл атоочу.

УЧТУК: чач учтук — аялдар чачынын учун бекитүү үчүн, атайын кездемеден сызылып же жиптен чалып жасалган ичкерээк кооздук жасалгасы; чачка тагуу үчүн атайын күмүштөн (күмүш тыйындардан)ар түрдүү формада кооздолуп иштелген жасалга. *Чоң эне чач учтугу менен чачынын учун бекитип, ордунан турду* (Сыдыкбеков). *Келиндердин чач учтуктары, иймек, билериктери шарактайт* (Жантөшев).

УЧТУУ *сын.* Учталган, уч чыгарылган, учу бар. *Учтуу карандаш.*

УЧУК I *зат.* 1. Адам баласынын (көбүнчө сасык тумоолоп, суук тийип, башы ооруп калган учурда) эрдине, жамажайына мөлтүрөп чыгуучу чыбырчык ыйлаакчалар.

2. Өпкө оорусу, өпкөгө суук тийүүдөн (сезгенүүдөн) пайда болуучу осуру, туберкулез. *Учук деген жаман дарт болот тура* (Сыдыкбеков). *Учук ооруларынын санаторийи.*

УЧУК II *зат.* 1. Ийнеге сапталган жип. *Колу чебер аялдын Учугу түшпөйт ийнеден* (Барпы).

2. Көбүнчө иш кылып жаткан аялдар эркектердин кийимине жип сайып илип койгондо ошол эркек тарабынан берилүүчү белек.

◆ **Ак учук** — эпостордо: баалуу кездеменин бир түрү.

УЧУКТА I *этиш.* Суук тийип, чыйрыгып, сасык тумоолоп калган адамды айыктыруу максатында кычкачты же башка темирди отко салып кызартып, андан кийин чөйчөккө же чыныга куюлган сууну улам-улам уурдап алып, аны ысытылган темир аркылуу адамга буркуу. *Үнүң дагы киркиреп калыптыр. Учуктайынбы?* (Аалы).

УЧУКТА II *этиш.* Ийнеге жип саптоо, ийненин көзүнө жип өткөзүү; жипти өзүнчө учук-учук кылып коюу. [*Зарыл*] *төрт чарчы актын четин,.. жибек жип учуктаган ийнеси менен тез-тез саят* (Сыдыкбеков).

УЧУКТАТ **учукта** этиштеринин аркылуу мамилеси.

УЧУКТОО **учукта** этиштеринин кыймыл атоочу.

УЧУН *этиш.* Көбүнчө малдын эркектеринин жыныс мүчөлөрү сезгенип, шишип ооруу, ооруп калуу. *Айгыр учунса ат болот, ат учунса эт болот* (макал).

УЧУР I *зат.* 1. Убакыт, кырдаал, кез. *Көп учурларымды жумушчулардын арасында өткөрөм* (Жантөшев). *Ал учурда почто аттарын бекеттин башчылары өздөрү айдашчу* (Сасыкбаев).

2. Белгилүү бир мезгил, убакыт аралыгы, маал. *Күзгө таянып калган учур. Түшкү дем алыш учуру. Койдун туут учуру.*

◆ **Учур чак** — *грам.* кыймыл-аракеттин болуп жаткан учурун көрсөтүүчү этиштин чагы.

УЧУР II 1. **уч** этишинин аркылуу мамилеси.

2. *өт.* Чоңойтуп, өстүрүп бөлүп чыгаруу. *Айымжан уядан кыз учурду* (Сыдыкбеков).

3. Жалган сөздөрдү жайылтып таратуу, апыртуу. *Ушакчы жел ушагын учуруп жүрө берет* (Убукеев).

УЧУРА *этиш.* 1. Жолугуу, кезигүү, кездешүү. *Учурадым айылдаш бир курбума* (Нуркамал). *Жолдон Жумадыл агайга учурайбыз* (Үмөталиев).

2. Кандайдыр бир абалга, окуяга, кыйынчылыкка ж. б. дуушар болуу, кез келүү, кабылуу. *Чабандар алдында айдап жүргөн малы менен бирге жутка учурап да калат* («Советтик Кыргызстан»). *Эгиндин орум-жыйымы баштапын калган кезде кырсыкка учурабасаңар экен* (Абдукаримов).

3. Көрүнүү, сыяктануу, сезилүү. *Бригадирдин өңү эмнегедир жылуу учурады* (Сасыкбаев). *Шашкандан өөн учурап мындай туруш, «Узатып коёюн» деп кылдым сунуш* (Үмөталиев).

УЧУРАТ **учура** этишинин аркылуу мамилеси.

УЧУРАШ *этиш.* Жолугушуп саламдашуу, көрүшүү. *Сагынган тең-туштарыма учураштым* (Сыдыкбеков). *Жүгүрүп бири чыкты тосуп жолум, Эң сылык учурашты алып колум* (Барпы).

УЧУРАШТЫР **учураш** этишинин аркылуу мамилеси.

УЧУРАШУУ **учураш** этишинин кыймыл атоочу.

УЧУРМА *зат. диал.* Чатырча, үйдүн чатыры.

УЧУРОО **учура** этишинин кыймыл атоочу.

УЧУРТ **учур** этишинин аркылуу мамилеси.

УЧУРТМА *зат.* Калп, апыртылган сөз, апыртма. *Үккандын учуртмасы көбүрөөк болучу эле, көргөндөн айтыңыз!* (Жантөшев).

УЧУРТМАЛУУ *сын.* Калп, жалган аралашкан, апыртмалуу. *Учуртмалуу узун кулак ушакчылар, кантип бул окуяны көрбөй, билбей калышты экен* (Жантөшев).

УЧУРУЛ **учур** этишинин туюк мамилеси.

УЧУРУУ **учур** этишинин кыймыл атоочу.

УЧУУ **уч** этишинин кыймыл атоочу.

УШАК I *зат.* Бирөөнүн артынан айтылган жалган сөз, чагым. *Ушак айткан урматка жетпейт* (макал). *Укпайт деп ушак айтпа, билбейт деп ууру кылба* (макал).

УШАК II *сын.* Майда, кичине. *Балдары ушак. Ушак кой. Кыргыз жылкысы сөөгү ушак болгону менен чаалыкпас тукумдан* (Сыдыкбеков).

УШАКТА *этиш.* Ушак айтуу, чагым кылуу. *Бириңди бирге ушактайт, Билгизбей туруп тузактайт* (Осмонов).

УШАКТАШ **ушакта** этишинин кош мамилеси.

УШАКТОО **ушакта** этишинин кыймыл атоочу.

УШАКЧЫ *зат.* Ушак айткан, калп жеринен бирөөнү жамандаган киши. *Бекерчиден безе кач, ушакчыдан көчө кач* (макал).

УШАКЧЫЛ **ушакчы** менен бирдей.

УШАКЧЫЛЫК *зат.* Калп жеринен жамандоочулук, ушак айтуучулук. *Ушакчылыктын зыяндуулугу толугураак көрсөтүлсө болмок* («Советтик Кыргызстан»).

УШАЛА *этиш.* Үбөлөй укалоо, укалай сүрүү. *Уучтагандай кол толот, Ушаласаң дандарын* (Аалы). *Бир колу менен көзүн ушалады* (Аалы).

УШАЛАН **ушала** этишинин өздүк мамилеси.

УШАЛАТ **ушала** этишинин аркылуу мамилеси.

УШАЛОО **ушала** этишинин кыймыл атоочу.

УШАТ *этиш.* 1. Майдалоо, убалоо.

2. Түгөтүү, жумшап жоготуу, ысырап кылуу (мис., акчаны).

◆ **Даарат ушатуу** *к.* **даарат.**

УШАТУУ **ушат** этишинин кыймыл атоочу.

УШИНТ *этиш.* Ушундай кылуу, ушундай жасоо. *Эртеңден калбай ушинткиле.*

УШТУК *туурасы:* **учтук.**

УШУ *ат.* Бир кыйла жакыныраак затты, предметти көрсөтүү, билдирүү үчүн колдонулат. *Ушу киши. Ушу жер.*

УШУЛ **ушу** менен бирдей.

УШУНДАЙ *ат.* Сындык же сандык маанини, кандайдыр бир абалды жалпылаштыра көрсөтүп белгилөө үчүн колдонулат. *Каалап калган бир ишиң Нак ушундай жайланса* (Үсөнбаев). *Сорпосун уурдап улактын Отурган элек ушундай* (Маликов).

УШУНДАЙЧА *такт.* Мына ушундай, мына ушул сыяктуу. *Кымызга кызып алган боз балдар ушундайча күжүлдөштү* (Сыдыкбеков).

УШУНЧА *такт.* Мынча, мынчалык. *Ушунча жерге чейин зэрчип келгенине ыза болду* (Сыдыкбеков). *Ой, курган киши, эмне болду ушунча* (Сыдыкбеков).

УШУНЧАЛЫК *такт.* Мынчалык, бул сыяктуу. *Ушунчалык жыргалды, Урматтуу Ленин, сен бердиң* (Токтогул).

УЮ *этиш.* 1. Кылкылдеп коюуланып калуу. *Эңкейип колун көрсөм алып өйдө, Уюган кан толуптур чеңгелиме* (Үмөталиев).

2. Коюу тартып чубалжуу, уюлгуу. *Алдынан уюган калың чаң чыкты* («Эр Табылды»). *Карайып түтүн уюган, Калың чер токой арасы* (Бөкөнбаев).

3. Жыйылуу, көп болуп жыйналуу;

бир жерге топтошуу, көп болуп чогулуу. *Бул уюп жаткан кара алтынга өзүбүз ээ болобуз!* (Сасыкбаев). *Улуу суунун боюнда, Уюган кошун кол жатыр* («Манас»).

4. Кандайдыр бир айтылган сөзгө көңүлдөнүү, ишенүү. *Ушул кепке көпчүлүк, Уюп калган чагы экен* («Манас»). *Мен Каныбектин айтканына уюп турам* (Жантөшев).

5. Талуу, талып ооруу. *Уюган жери басылып, Умачтай көзү ачылып* («Эр Төштүк»). *Эсен кыстыккан демин чыгарып, талыгансып уюган белин түзөдү* (Жантөшев).

УЮК *зат.* 1. Көбүнчө аарынын, кумурсканын жашай турган жайы, уясы. *Аарынын уюгу. Кумурсканын уюгу.*

2. *өт.* Кыжылдап, көп болуп топтолушкан жай, жер. *Барчындардын баарын катар учурдуң, Душмандардын уюктарын буздурдуң* (Калык).

◆ **Аарынын уюгуна тийүү** — каарына калуу, ачуусуна тийүү.

УЮЛ I *зат.* 1. Адамдын төбөсүндөгү, жылкы менен уйдун маңдайындагы ж. б. чачтын, жүндүн уюлгуп бураланган жери. *Атасы Дон жылкысы, так маңдай уюлунда кашкасы бар* (Сыдыкбеков).

2. Жердин айлануу огундагы эң четки точкалары жана анын айланасындагы жер, полюс. *Түндүк уюл. Түштүк уюл.*

3. Карагайдын, бак-даректын ж. б. уюлгуп бураланып турган жери. *Жаңгактын уюлу.* [*Ашырдын булчуңдары*] *катуу жыгачтын уюлу сыяктанды* (Сасыкбаев).

УЮЛ II уюлгу менен бирдей.

УЮЛГУ *этиш.* 1. Бурала айланган абалда болуу, удургуу. *Уюлгуп кар жаап, улам бетке урган сайын көңүлдү сергитет* (Байтемиров). *Анда-санда токой арасынан уюлгуп соккон салкын жел денеге жагымдуу, көңүлгө сүйкүмдүү болуп турат* (Жантөшев).

2. Буралып көтөрүлүү, түрмөктөлүп көтөрүлүү. *Чок орто ченинде уюлуган кара түтүн жүлүндөй созулат* (Сыдыкбеков).

3. Уюл сыяктанып, бурала тармалданган абалда, көрүнүштө болуу. *Чачтары уюлгуп маңдайына түшкөн Сергей да аны аяп кетти* (Сыдыкбеков). *Береги көк ойдун буудайы уюлгуп ыкканын көрдүң беле?* (Сыдыкбеков).

УЮЛГУТ уюлгу этишинин аркылуу мамилеси.

УЮЛГУУ уюлгу этишинин кыймыл атоочу.

УЮМ *зат.* Коомдук бирикме же мамлекеттик мекеме. *Партиялык уюм. Комсомол уюму. Профсоюз уюму. Соода уюмдары.*

УЮМДАШ *этиш.* Кандайдыр бир максатта биримдешүү, бириктешүү, кандайдыр бир уюмга биригишүү.

УЮМДАШТЫР уюмдаш этишинин аркылуу мамилеси.

УЮМДАШУУ уюмдаш этишинин кыймыл атоочу.

УЮТ ую этишинин аркылуу мамилеси.

УЮТКУ *зат.* 1. Ачыткы. *Уюткусуз айран жок* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Айланасына топтолууга себепчи болгон негиз. Кандайдыр бир иштин, башталыштын ж. б. негизги бөлүгү, борбору.

УЮТКУЛУУ *сын.* Биримдиктүү, туруктуу, козголбос, күч-кубаттуу. — *О, уюткулуу журт! Улуу-кичүү, жаш-карың дебей казатка жүр!* (Сыдыкбеков).

УЮТУУ уют этишинин кыймыл атоочу.

УЮУ ую этишинин кыймыл атоочу.

УЮШ *этиш.* Кандайдыр бир максатта бириктешүү, кандайдыр бир уюмга биригүү. *Колхоз, совхоз уюшуп, кадимкидей чыңалды* (Бөкөнбаев). *Комсомолдор бириктешип уюшкан, Душмандардын түп-тамырын жулушкан* (Барпы).

УЮШМА *зат. эск.* Артель, колхоз.

УЮШТУР *этиш.* Уюмдаштыруу, кандайдыр бир иштин аткарылышы үчүн чаралар көрүү.

УЮШТУРУЛ уюштур этишинин туюк мамилеси.

УЮШТУРУУ уюштур этишинин кыймыл атоочу.

УЮШТУРУУЧУ *зат.* Кандайдыр бир иште демилге көрсөтүүчү, кандайдыр бир чараны уюштуруп жетекчилик кылуучу, түзүүчү. *Профсоюз жана комсомол уюмдары социалисттик мелдештин чыныгы уюштуруучулары болууга тийиш* («Коммунист»).

УЮШТУРУУЧУЛУК *зат.* Уюштуруу иштерин жүргүзүүчүлүк; уюштуруу иштерине жөндөмдүүлүк.

УЮШУЛ уюш этишинин туюк мамилеси.

УЮШУУ уюш этишинин кыймыл атоочу.

УЯ *зат.* 1. Жумурткасын сактоо, балапандарын чоңойтуу үчүн, канаттуулардын жасап алган жайы, орду. *Уяда жаткан жумуртка — эртеңки күнү балапан* (макал). *Уяда жаткан үргүлөп, Балапан канат какканда* (Бөкөнбаев).

2. Туулуп-өскөн жер, турган жай. *Фрунзем учкан уям, сүйгөн калаам, Көп жүрдүк, ойноп, күлүп эсен-аман* (Осмонов).

3. Күндүн бата турган жери. *Күн дагы өзүнүн уясына жашынган* (Жантөшев). *Мына күн уясына жакындап, көздү уялткан жалындуу нуру өчө баштады* (Таштемиров).

4. Сөздүктөрдө бир макалага (статьяга) топтоштурулган уңгусу бир сөздөрдүн тобу.

◆ **Уядан учуруу** — тарбиялап, өстүрүп чыгаруу. *Айымжан уядан кыз учурган* (Сыдыкбеков).

УЯЛ *этиш.* Бирөөнүн, көпчүлүктүн алдында ыңгайсыз, оңтойсуз абалда калуу, тартынуу. *Жаман шымынын айрыгын көрө коюп, Эркин тизесин кымырып уялып кетти* (Жантөшев). *Келгенче конок уялат, келгенден кийин үй эзси уялат* (макал).

◆ **Көз уялуу** — күчтүү, ачык жарыктан ж. б. тике, даана карай албоо. *Күн ачык*

тийгенге жаңы жааган кардан көз уялат (Сыдыкбеков).

УЯЛА *этиш.* 1. Уя салуу. *Кыраан барчын уялаган зоолоруң, Бугу, марал, кийик өскөн тоолоруң* (Калык).

2. *өт.* Абдан көп болуп жай алуу, орун алуу, ээлөө. *Кишичилик сүлдөрүм бар дарман жок, Жүрөктү чер уялап дарттар чалып* (Турусбеков).

УЯЛАШ *сын.* Бир уядан, уясы бир; жатындаш. *Уялашым, каралдым, Таалайы бар агаңдын* (Турусбеков). *Кыз да болсо, Жылдызкан сенин уялашың* (Байтемиров).

УЯЛОО уяла этишинин кыймыл атоочу.

УЯЛТ уял этишинин аркылуу мамилеси.

УЯЛУУ I *сын.* 1. Уясы бар.

2. Орун-очоктуу, түптүү, жайлуу. *Уялуу журт. Айды карай учкан күү, Уялуу кыргыз үккан күү* (Токтогул).

УЯЛУУ II уял этишинин кыймыл атоочу.

УЯЛЧААК *сын:* Уяң, тартынчаак, өтүмү жок. *Алымкан уялчаак кыз* (Бөкөнбаев).

УЯҢ *сын.* 1. Тартынчаак, уялчаак. *Айдайдын бир артыкчылыгы — өзүнүн курбуларындай уяң эмес* (Канмов).

2. Жумшак, назик, кылчык эмес (мис., жүн). [*Алдынкы*] *чабандар өздөрүнүн оторунда ар бир койдон 6,5 килограммдан уяң жүн кыркып алышты* («Советтик Кыргызстан»).

УЯҢДЫК *зат.* Тартынчаактык, уялчаактык. *Учурашып ырдачы, Уяңдыктан пайда жок* (Токтогул). *Бара-бара баягы Жылдызкандын уяңдыгы жоголуп, шакылдап сүйлөй турган болду* (Байтемиров).

УЯТ *зат.* Кандайдыр бир кылык-жоругу, мамилеси ж. б. ар-намысына, абийирине тийип, оңтойсуз, ыңгайсыз абалда калуу сезими. *Уят өлүмдөн катуу* (макал). *Искендер да бөбөктөрүнө уят болбоюн деп, жерди жакшылап ала калтырбай айдай берди* (Баялинов).

УЯТКАР *этиш.* Уялтуу, оңтойсуз абалга калтыруу, уят экендигин сездирүү. *Омор аке, эми колду кантип коёсуз?! — деп мени катуу уяткарбасынбы!* (Сыдыкбеков).

УЯТКАРУУ уяткар этишинин кыймыл атоочу.

УЯТСЫЗ *сын.* Уят-сыйытты билбеген, абийирсиз, уялбаган, ар-намыссыз, уяты жок.

УЯТТУУ *сын.* 1. Өзүнүн ар-намысын кадырлап сактаган, абийирдүү.

2. Уятка калган, кандайдыр бир мамилеси, иши ж. б. менен күнөөлүү. *Уяттуумун мен сага, Окутпадым абыдан* (Маликов).

3. Кадырлуу, ардактуу. *Уяттуу адамдар келди* (Жантөшев).

Ү

ҮБӨЛ *этиш.* Упурап майдалануу, күкүмгө айлануу. *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп, аппак ун болуп, чоң ящикке эленүүдө* Сыдыкбеков).

ҮБӨЛӨ *этиш.* Упуратып, ушалап майдалоо, күкүмгө айландыруу.

ҮБӨЛӨН үбөлө этишинин өздүк мамилеси.

ҮБӨЛӨНДҮ *зат.* Үбөлөнүп майдаланган, ушаланган күкүм. *Сатар менен Шарип кичинекей үбөлөндүсүн оозуна салып* [*канды*] *газетанын бетине коюшту* (Бейшеналиев).

ҮБӨЛӨӨ үбөлө этишинин кыймыл атоочу.

ҮБӨЛҮҮ *зат.* Камыр жаюу үчүн колдонулуучу таякча сымал жумуру жыгач.

ҮГҮТ *зат.* 1. Бирөөнүн макулдугун алуу, бирөөнү көндүрүү, ынандыруу, оюн, пикирин тартуу же бир нерсеге үгүттөө үчүн жүргүзүлгөн аракет, насыят.

2. *эс.* Агитация.

ҮГҮТТӨ *этиш.* Бирөөнүн көз карашын, оюн, пикирин тартуунун, макулдатуунун ж. б. аракетин кылуу, үгүт жүргүзүү.

ҮГҮТТӨӨ үгүттө этишинин кыймыл атоочу.

ҮГҮТТӨШ үгүттө этишинин кош мамилеси.

ҮГҮТЧҮ *зат.* Көпчүлүк арасында үгүт-насыят ишин жүргүзүүчү адам.

ҮДӨӨ: үдөөсүнө чыгуу — кандайдыр бир иштин аягына чейин аткаруу, акырына чейин жеткирүү. *А сен каалаганыңды сура, үдөөсүнө чыкпасам, достуктун анты урсун* (Жантөшев). *Бир айда буудай менен шалынын үдөөсүнө чыксаңар болду* (Абдукаримов).

ҮЖӨТ: сөзү үжөт болуу *же* **сөзүн үжөт кылуу** — сөзүн макул табуу, жөнү бар, ыктуу сөз деп эсептөө. *Сөзү үжөт болбогон Учан теңиз эл карып* (Тоголок Молдо). *Акымдын бардыгы жөнүндө... канчалык айтсам да, менин сөзүмдү бий үжөт кылган жок* (Баялинов).

ҮЖӨТТҮҮ *сын.* Орундуу, ыктуу, жөнү бар. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бергениңерби?* (Карапаев).

ҮЗ *этиш.* 1. Кандайдыр бир бүтүндү үзүккө, бөлүккө ажыратуу; илинип, өз ара биригип, туташып турган нерсени бөлүп алуу, жулуу. *Бала жанына келгенде, тигил келин эки жарым карыштай май чүчүк үзүп берди* (Аалы). *Алма үз. Коон үз.*

2. Тытуу, быт-чыт кылуу, талкалоо. *Энеке! Ал дүйнө жексен болду, Чырмалган эмгекчилер үздү торду* (Турусбеков). *Чынжырын үзүп чечебиз Жылдырбай салган буттарды* (Тоголок Молдо).

3. Кандайдыр бир ишти, аракетти токтотуп коюу, тынчып калуу, басылып ка-

луу. *Эркиним катты үзбөй жазат* («Ала-Тоо»). *Байланышты үзүп коюу. Кырк чоролоп бакырган, кыйкырык үзбөй чакырган!* («Эр Табылды»).

4. Кутулуу, жоюу, жок кылуу. *Айгыштып келген душмандын Тамырын жулуп үзө алдым* (Нуркамал). *Эгин-тегинге, чөп-чарга, отун-сууга каралашып берип, насыяларды үзөрсүңөр* (Жантөшев). *Тилеги катканфашистти Тукумун үзүп, жеңсе экен* (Калык).

◆ **Кол үзүү** *к.* **кол I. Караанын үзүү** — алыстоо, көрүнбөй калуу. *Караанын үзүп кеткиче, Карап турат Табылды* («Эр Табылды»). *Келгенде Алмаң жакындап, Караанын үзүп аларга, Жөнөй берди закымдап* («Манас»). **Өзөгү үзө тартуу** — курсагы абдан ачуу. *Оокат [Көкөнүн] эсине түшө калдыбы, оозуна кара суу келип, өзөгү үзө тарткансыды* (Касымбеков). **Күдөрүн үзүү, үмүтүн үзүү** — түңүлүү. *Мени келбейт экен деп, Күдөрүн үзүп койгондур* («Манас»). *Кыйноодо Током жүрсө да, Жыргалдан үмүт үзгөн жок* (Нуркамал). *Шек алдырып сен койсоң, асил жандан күдөр үз* («Эр Төштүк»). **Үзүп алуу** — катуу чымчып алуу. *[Акия] кээде Элебестин бир жерин үзүп алат* (Сыдыкбеков).

ҮЗГҮЛТҮК *зат.* Убактылуу токтоп калгандык, артта калгандык, аткарылбай калгандык. *Биздин колхоздун өндүрүшү үзгүлтүккө кабылса, уяты бизге* (Сыдыкбеков). *Үзгүлтүк кылбай берип тур.*

ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ *сын.* Тынымсыз, дайыма, өз убагында болуп туруучу (кыймыл-аракеттин же кандайдыр бир иштин жүрүшүнө карата). *Бригада ар бир айда планын үзгүлтүксүз ашыра аткарып келе жатат* («Советтик Кыргызстан»).

ҮЗДҮК *этиш.* Өзөгү үзө тартуу, абдан ачка болуу. *Үздүгүп калгандай сугунат.*

ҮЗДҮКСҮЗ **үзгүлтүксүз** менен бирдей.

ҮЗДҮКТҮР **үздүк** этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЗӨНӨӨК *сын.* Байлаган жибин батбат үзүп алуучу, кетүүчү, үзүп алууга көнгөн. *Үзөнөөк торпок сүзөнөөк бука болот* (макал).

ҮЗӨҢГҮ *зат.* Бут менен тээп, мингич унаага минүү, теминип бастыруу үчүн ылайыктап ээрдин эки капталына тагылган бөлүгү. *Алтын менен жалатып жасалган үзөңгүсүн чирене теминип, Күмүш чубалжыган көктүн эң алдында келе жатат* (Жантөшев). *Мукаш эки үзөңгүнү тең учкай теминди* (Сыдыкбеков).

◆ **Үзөңгү жолдош** *к.* **жолдош. Үзөңгүдөн бут таюу** — 1) иши кыйшаңдоо, иши начарлоо; 2) алдан, күчтөн кетүү.

ҮЗӨҢГҮЛӨШ *сын.* Бирге жүргөн, бирге өскөн (жолдош, жакын курбу-курдаштарга карата). *Сенин атаң Карыбек баатыр менен заманында үзөңгүлөш өскөн курдаш элек* (Сыдыкбеков).

ҮЗҮК I *зат.* Боз үйдүн түндүктөн ылдый, керегеден жогорку бөлүгүн жабуучу кийизи. *Үзүгүн аппак бордоткон, Этегин чачы тордоткон* (Тоголок Молдо).

ҮЗҮК II *зат.* Кандайдыр бир нерсенин үзүлгөн, үзүлүп пайда болгон бөлүгү. *Жиптин үзүгү.*

ҮЗҮЛ 1. үз этишинин туюк мамилеси. **2.** *өт.* Жаңы чыгуу, жан берүү (адамга карата). *Сансыз үзүлгөндө, Каныбек менен Ажар айыл арасын жакшы эле өзгөртүшкө салган* (Жантөшев).

◆ **Үзүлүп түшүү** — 1) бир нерсеге кызыга умтулуу, эңсеген, дегдеген абалда болуу; 2) жан-алы калбай жалынып-жалбаруу, сурануу, бирөөдөн бир нерсе тилөө, өтүнүү. *Минтип эне-атасынан бери үзүлүп түшүп кечирим сурап турганда кесирленген болбойт* (Байтемиров).

ҮЗҮМ *зат.* Бир нерседен үзүп, бөлүп алынган бөлүк, бир ирет үзүп алганга тете өлчөм. *Бир үзүм эт. Бир үзүм нанга жетпей кор болгон кедейлер биз элек* («Ала-Тоо»).

ҮЗҮМЧҮЛҮК *зат.* Кышкы жук-жумбур түгөнүп, акка абдан аралаша элек мезгил; жазгы маал. *Ичкени үзгөн, жоонду созгон «узун сарынын» үзүмчүлүк убагы эле* (Убукеев). *Мал колдон карап, үзүмчүлүктүн арааны жүрөт* (Ашымбаев).

ҮЗҮНДҮ *зат.* Үзүлүп алынган бөлүк, бөлүндү. *Көзүлтүр асмандан анда-санда гана мамыктай ак булуттардын айрым үзүндүлөрү жай гана сүзүп өтөт* (Абдукаримов). *«Манас» эпосунан бир топ үзүндүлөрдү айттым* (Тоголок Молдо).

ҮЗҮР I *зат.* Ыракат, жыргал. *Ак алтын чыккан талаада Эмгектен үзүр табышкан* (Шамшиев). *Адал эмгегиңердин үзүрүн тойлоп жаткан экенсиңер го?* (Жантөшев).

ҮЗҮР II: үзүр-мазыр кеп айтуу — арыз-арманын айтуу. *Үзүр-мазыр кебиң болсо айт.*

ҮЗҮРДҮҮ *сын.* Ыракаттуу, жыргалдуу, үзүргө жеткен. *Үзүрдүү эмгектин жыргалын көрүү үчүн күжүрмөн иштегиле* (Абдумомунов).

ҮЗҮРЛҮҮ **үзүрдүү** менен бирдей.

ҮЗҮҮ **үз** этишинин кыймыл атоочу.

ҮЗҮШ **үз** этишинин кош мамилеси.

ҮЙ I *зат.* **1.** Адамдар тура турган турак жай. *Ак үй салган адамга Акиташ менен бор кызык* (Осмонкул). *Сабыр сабакты начар өздөштүргөн балдардын үйлөрүнө кирип жүрдү* (Сыдыкбеков). *Кебек карыя менен коштошкондон кийин, Андрей үйүнө чейин ойлонуп барды* (Байтемиров).

2. Имарат. *Станциянын жаңы үйлөрү тоодон ашып тийген күндүн нуруна бөлөндү* (Сасыкбаев).

3. Ар түрдүү коомдук керектөөлөрдү тейлөөчү жай, мекеме. *Дем алуу үйү. Окуу үйү. Төрөт үйү. Маданият үйү.*

◆ **Боз үй** — айрым көчмөн элдердин кийизден жасалган (адатта конус формасындагы) үйү. *Көйкөлүп мелт-мелт этет жайык бети, Көрсөтүп чоң боз үйдү берки четки* (Осмонов). *Сонун жасалгалуу боз үй* (Жантөшев). **Там үй — дубалдары топурактан согулган же кирпичтен тургузулган үй.** *Көшөгө ачылганда Пармандын жаңы салынган татынакай там үй-*

үнүн ичи көрүнөт (Бөкөнбаев). **Жолум үй** — малчылар тигүүчү жеңил үй; түндүккө ууктар гана сайылып, кийиз жабылган кичинекей алачык. *Кош баш тиккен жолум үй, От чыгып жылт-жылт тешиктен* («Эр Табылды»). *Жолум үйдөй көбүктү, Жол четине чачтырып* («Семетей»). **Жер үй** — жерден казып жасалган үй (кээ бир учурларда үстү жагына бир аз кошумча дубал көтөрүлүп коюлат). **Кызыл үй** *к.* **кызыл. Үй-жай** — турак жай, үй жана ага тиешелүү мүлк. *Үй -жай куруп, бала-чакалуу болушуп өмүр сүрүшөт* (Жантөшев). **Үй бетин көрбөө** — үйүндө болбоо, көбүнчө сыртта, үйдөн сырткаары жакта болуу, сыртта жүрүү. **Үй көтөрүү** — 1) жаңы үй (боз үй) жасоо; 2) белгилүү бир максатка ылайык (мис., келген коноктор үчүн) үй тигүү.

ҮЙ II *этиш.* Бир жерге жыюу, жыйноо, дөбөлөп чогултуу, үймөктөө. *Алты кырдын үймөгүн Жалгыз үйөт, кыздар ай* (Осмонов). *Аппак-аппак пахтаны Ар жерге үйгөн көбөйтүп* (Нуркамал).

ҮЙДҮР үй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙЛӨ I *этиш.* 1. Ооздон аба агымын сыртка катуу күч менен чыгаруу. *Үйкананын каалгасы сынып калыптыр, — деди Шабыраалы үшүгөн колун үйлөй берип* (Байтемиров). *От үйлө.*

2. Ичине толтуруу. *Музоолору чандаят, Үйлөп койгон тулуптай* (Үмөталиев). *Үйлөгөн шардай.*

ҮЙЛӨ II *этиш.* Турмуш курдуруу, аял алып берүү. *Көрөм десең урматын, Уул үйлөп, кыз чыгар!* (Токтогул).

ҮЙЛӨН *этиш.* Турмуш куруу, аял алуу. *Бой жеткен жигит үйлөнсүн, Үйүнөн жаңы сый көрсүн!* (Маликов).

ҮЙЛӨНДҮР үйлөнт менен бирдей.

ҮЙЛӨНТ үйлөн этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙЛӨНҮҮ үйлөн этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙЛӨӨ үйлө этиштеринин кыймыл атоочу.

ҮЙЛӨТ үйлө II этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙЛҮҮ *сын.* 1. Үйү бар. *Жыргалбай алты канат ак үйлүү* (Калык). *Аппак үйлүү, зоот үйлүү, Колу иштүү, Ошо мен жеңекемди сагынам* (Маликов).

2. Үйлөнгөн, үй-бүлөлүү, үй-бүлөсү бар. *Балам үйлүү болду деп, Мамырап калды энеси* (Тоголок Молдо). *Мында бир үйлүү турпанчы бар экен* (Аалы).

ҮЙМӨ *сын.* Үйүлгөн, үймөлөнгөн. *Табакка үймө салынган ун. Ар кайсы чети кемер жар, Ак чопо үймө топурак* (Маликов).

ҮЙМӨК *зат.* Кандайдыр бир нерсенин үйүлгөн, үстү-үстүнө чогултуп жыйып койгон тобу, жыйындысы. *Кызылча үймөктөрү. Үймөк-үймөк чөп. Үймөк буудай.*

ҮЙМӨКТӨ *этиш.* Үйүү, жыюу, бир жерге чогултуу, үймөк кылуу. *Тоодой бийик жол жасап, Чөп үймөктөп жатыптыр* (Осмонов). *Алымкул чөбүн боолап, тамынын башына үймөктөдү* (Абдукаримов).

ҮЙМӨКТӨӨ үймөктө этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙМӨКТӨТ үймөктө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙМӨКТӨШ үймөктө этишинин кош мамилеси.

ҮЙМӨКЧӨ *зат.* Кичинекей үймөк.

ҮЙМӨКЧҮ *зат.* Үймөк үйүүчү адам. *Үймөкчүлөр чырга сүйрөткөнсүп, тушу-тушунан тартып жатат* (Таштемиров).

ҮЙМӨЛӨ *этиш.* Үстү-үстүнө үйүү, үйө берүү.

ҮЙМӨЛӨКТӨ *этиш.* Бир жерге өтө көп болуп жыйылуу, чогулуу. *Үйрөнөм деп ырымды, Үймөлөктөп эл келет* (Токтогул). *Жети-сегиз киши Чакеңдин арабасына үймөлөктөп алып келе жаткан кез* (Сыдыкбеков).

ҮЙМӨЛӨКТӨӨ үймөлөктө этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙМӨЛӨКТӨТ үймөлөктө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙМӨЛӨӨ үймөлө этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙМӨЛӨТ үймөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙӨР *зат.* 1. Жазга маал суу үстүнөн калкып аккан муздар, муз агымы. *Үн салып суусу киргенде, Үстүнөн үйөр жүргөндө* («Семетей»).

2. Жазында кар эрип, мөңгү бузулуп көбөйгөн суу агымы. *Жер жүзүн үйөр каптап келе жаткандай сезди* (Жантөшев). *Калкан кийген эр менен, Үйөр жүргөн сел менен* («Семетей»).

ҮЙРӨН *этиш.* 1. Бир нерсени (мис., ишти, техниканы ж. б.) билүү, өздөштүрүү, ага машыгуу, көнүгүү. *Канча түрдүү техника Үйрөнөбүз колхоздо* (Барпы). *Кылганың киши үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* (макал). *Оку, иште, өнөр үйрөн, көптү бил, Ошону күт, эмгек менен таалай тап* (Нуркамал).

2. Үйүр болуу, көнүп калуу, таанышып, аралашып кетүү. *Эртерээк жетсем экен эми Өзүмүн үйрөнгөн колхозума* (Шүкүрбеков).

ҮЙРӨНҮҮ үйрөн этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙРӨНЧҮК *зат.* Кандайдыр бир ишти жаңыдан үйрөнүп, өздөштүрүп келе жаткан, үйрөнүү, өздөштүрүү аракетин жаңыдан баштаган адам. [Жүкөш] *мурда шахтада үйрөнчүк болчу* (Сасыкбаев). *Сени биз номер биринчи цехине чогултуу иштери боюнча адистикке үйрөнчүк кылып бекители* («Ала-Тоо»).

ҮЙРӨТ *этиш.* 1. Бир нерсени билүүгө, өздөштүрүүгө машыктыруу, көнүктүрүү, окутуу, үйрөнгөн, билген деңгээлге жеткирүү. *Үйрөтүп өнөр, билимди, Өстүрүп кадр камдаган* (Осмонкул). *Турмуш сырын үйрөткөн, Көркөм чечен сүйлөткөн* (Аалы). *Аялдарга ардак, сыйды мол кылып, Ар өнөрдөн калбагын деп үйрөткөн* (Нуркамал).

2. Унаа катарында пайдаланууга, минүү-

гө көндүрүү. *Укуругун сүйрөткөн, Азоолорун үйрөткөн* (Осмонкул). *Сылап-сыйпап үйрөттү, Кайыштан чылбыр сүйрөттү* (Тоголок Молдо).

ҮЙРӨТКҮ *зат.* Жаңы үйрөтүлгөн унаа.

ҮЙРӨТТҮР үйрөт этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙРӨТҮЛ үйрөт этишинин туюк мамилеси.

ҮЙРӨТҮҮ үйрөт этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙРҮЛ *этиш.* 1. Үйүр этишинин туюк мамилеси.

2. Чогулуу, жыйылуу. *Уч каркыра боюна, Үйрүлүп жыйын салды эле* («Манас»).

3. *өт.* Жакшы мамиле кылуу, абдан жакшы көрүү, жан-алы калбай жалыныпжалбаруу. *Ойготуп «албайын» деп үйрүлүп турган чоң эненин жүрөгү тыз этти* (Сыдыкбеков). *Үстүнө үйрүлүп түшүп, аны сооротууга кам урду* (Сыдыкбеков).

ҮЙҮЛ 1. **үй** этишинин туюк мамилеси.

2. Көп болуп чогулуу, өтө көбөйүп кетүү. *Эл бат эле үйүлүп калды. Үстү-үстүнө үйүлүп оттоп жатышкан таранчылар.*

ҮЙҮЛТ үйүл этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЙҮЛҮҮ үйүл этишинин кыймыл атоочу.

ҮЙҮР I *зат.* 1. Малдын же жапайы айбандардын тобу. *Үйүрүнөн бөлүнүп үйрөнбөгөн кара торпок анда-санда мөөрөп кылчактайт* (Аалы). *Карышкырлардын бир үйүрү тескейдин капчыгайын жойлоп кеткенин көрдүк дешип малчылар айтып келишкен* (Сыдыкбеков).

2. Арасында бир эркеги бар топ мал (көбүнчө жылкы). *Төш жактан үйүрүнөн адашкан айгыр азынады* («Ленинчил жаш»). *Үйүрү көп бука.*

3. Үйрөнүшүп калган, жакын болуп кеткен, көнүшкөн. *Байымбеттин ынагы Башынан үйүр бу дагы* (Тоголок Молдо). *Кыз балага кыз үйүр, Биздин кыз бирге жүрчү эле* (Маликов).

4. Шыктуу. *Сөзгө үйүр. Кепке үйүр.*

ҮЙҮР II *этиш.* Имере экчөө (мис., эгинди калбырга элегенде), имере өкчөө (чүкөнү өкчөгөндө).

◆ **Камчысын үйүрүү** — урам деп опузалоо, камчысын көтөрүп ызырынуу, тап берүү. **Түсүн үйүрүү** — жаалданып ачуусу келүү, кабагын чытуу.

ҮЙҮРДҮҮ *сын.* Үйүрү бар. *Үйүрдүү айгыр.*

ҮКӨ уке менен бирдей.

ҮКӨК *зат.* Тамак-аш же башка нерселерди салуу, сактоо үчүн колдонулуучу жыгачтан жасалган сандыкча. *Үкөктө нан, каймак бар* (Баялинов). *Сактап жүргөн мейиздей ширин керчөөнү үкөктүн түбүнөн алып чыкты* (Сыдыкбеков).

ҮКСӨГӨЙ *сын.* Жүндөрү же чачы-башы үксөйгөн, үрпөгөй. *Жакындан бери малчылардын айлына бир үксөгөй жолбун кара күчүк пайда болду* (Осмоналиев).

ҮКСӨЙ *этиш.* Жүндөрү, чачы-башы үрпөйүп туруу, саксаюу. *Төбө чачы үксөйүп, муруттары туктуйуп* („Эр Табылды"). *Кежиге чачы үксөйүп,.. Келе жатат туктөйүп* («Манас»).

ҮКСӨЙТ үксөй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮКСӨЙҮҮ үксөй этишинин кыймыл атоочу.

ҮКСӨҢДӨ *этиш.* 1. Чачы-башын, жүндөрүн үксөйткөн кыймыл-аракетте болуу, саксандоо, үрпөндөө.

2. *өт.* Үрпөндөп ачууланууу, каарданууу. *Үпчүлүгү бир тогуз, Үксөңдөгөн чоң доңуз* («Манас»).

ҮКСӨҢДӨӨ үксөңдө этишинин кыймыл атоочу.

ҮКСӨҢДӨТ үксөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮКСҮЙ *этиш.* 1. Үксөйүү, үрпөйүү, саксаюу. [*Жигиттин*] *баш кийими жылмышып түшкөндүктөн чачы эле үксүйөт* («Советтик Кыргызстан»).

2. *өт.* Үксөйүп, үрпөйгөн кебетеде каарданууу, ачууланууу. *Келе жатат Чалкалмак, Кармашсам деп үксүйүп* («Эр Табылды»).

ҮКСҮЙТ үксүй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮКСҮГҮЙ *сын.* Үксөйгөн, саксайган, үрпөйгөн. [*Гончаров*] *үксүгүй чачын салаалап, узун кирпиктүү кой көзүн эшикке кадап калды* (Бейшеналиев).

ҮКҮ *зат.* 1. Күндүз жакшы көрбөгөн, ууга көбүнчө күүгүмдө же түнкүсүн чыгуучу жырткыч канаттуу. *Үкүлөр үстүртөн учуп, ооздорун шакылдатты* (Жантөшев). *Үкү менен жарганат, Үңкүрдү көздөй салпылдап* («Семетей»).

2. Ушул канаттуунун кооздук үчүн колдонулуп, көбүнчө кыздардын баш кийимине же чабыла турган күлүк жылкынын көкүлүнө тагылуучу канаты же жүнү. *Кайруусу керек карыш кундуз тебетейдин төбөсүнө сеңселтип бир тутам үкүнү тагып койгон* (Убукеев). *Кызыл-тазыл кийинип, Кыздар үкү сайынган* («Курманбек»). *Ушул атым буудан дет Үкүнүн жүнүн тактырып* (Тоголок Молдо).

◆ **Үкүнүн уясын табуу** — жыргай турган, адамды марыта турган шартка дуушар болуу, иши оңолуу. **Үкүсү чыгуу** — кебези, жүнү же кездемеси салбырап, самсаалап калуу, тытылып, тамтыгы кетүү. *Устүндөгү кийими да тытылган, ар кайсы жеринен үкүсү чыгат* (Сыдыкбеков).

ҮКҮЛӨ *этиш.* Үкү тагуу, үкү тагып, байлап кооздоо. *Алтынайдын башында үкүлөгөн кооз тебетей* (Жантөшев).

ҮЛБҮРӨ *этиш.* 1. Үлпүлдөө, өтө жумшак, назик, үлбүрөк болуп көрүнүү. *Күзүндө эшелондон жөнөп турса, Жибектей үлбүрөгөн пахталары* (Маликов). *Үлбүрөгөн кездеме.*

2. *өт.* Начарлоо, алы кетүү, бошоп тартуу, күчү кете баштоо. *Чырак үлбүрөп өчүгүдөй көрүнөт* («Ала-Тоо»). *Өткөн күндү мен санап Арман күн өлгөнү жүрөк үлбүрөп* («Олжобай менен Кишимжан»).

ҮЛБҮРӨК *сын.* **Үлпүлдөгөн, үлбүрөгөн, өтө жумшак, назик.** *Бубактай аппак сүлдөрү, Үлбүрөк сансыз гүлдөрү* (Аалы).

ҮЛБҮРӨТ үлбүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЛБҮРЧӨК 1. **үлбүрөк** менен бирдей. 2. Жаш келиндер бетине калкалап алуучу үлпүлдөгөн жука ак кездеме жеторчо, чүмбөт. *Башындагы элечек, бетиндеги үлбүрчөк Алымкандын бетин өзгөрткөн* (Бөкөнбаев). *Тал боюн чүмкөп ак кылып Үлбүрчөгүн салынды* («Мендирман»).

3. Сөйкөнүн аяк жагына бириктирилип кооздолгон жука желбиреөчтөрү. *Сөйкөнүн үлбүрчөгү.*

ҮЛГҮ *зат.* 1. Тигилип же жасалып чыгарыла турган нерсенин, буюмдун калыбы. *Бир үлгүдө тигилгендей окшош кийимдер* (Сыдыкбеков). *Оюунун үлгүсү.*

2. Өрнөк, таалим, нуска. *Кызылча баккан кыз-келин Зууранын алсын үлгүсүн* (Осмонкул). *Келечекке үлгү болор Эмгек калсын өмүрлүк* (Аалы).

◆ **Үлгү ырлар** — акыл-насият айтуу, тарбиялуу болууга чакыруу маанисинде айтылган ырлар.

ҮЛГҮЛҮҮ *сын.* Өрнөктүү, үлгү боло тургандай, үлгү көрсөтө турган. *Иштин темпин көргөзгөн Үлгүлүү шайыр жаштар го* (Турусбеков). *Үлгүлүү, мал чарбасы өскөн колхоз* (Калык).

ҮЛГҮР *этиш.* Кечикпей, өз убагында, учурунда аткарууга, келүүгө, иштөөгө ж. б. жетишип калуу. *Жеңилбеген пахтачы, Баарын иштеп үлгүргөн* (Шамшиев). *Сага бир топ белек камдап койдум эле* [*берүүгө*] *үлгүрө албай калдым* (Бейшеналиев).

ҮЛГҮРҮҮ үлгүр этишинин кыймыл атоочу.

ҮЛДҮРӨ *этиш.* Алы, күч-кубаты кетүү, алдан таюу, арақ жан кыймылдоо. *Курсагы ачып кыйналып, Кубаты кетти үлдүрөп* (Осмонкул). *Унчукпастан ал киши Кыймылдады үлдүрөп* (Аалы).

ҮЛДҮРӨӨ үлдүрө этишинин кыймыл атоочу.

ҮЛДҮРӨТ үлдүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЛӨШ I *зат.* Бөлүк, энчи. *Чыгыш жагы кенден бүткөн Тянь-Шань, Тянь-Шандан үлөш алчу кандай жан* (Аалы). *Үлөшүбүз бирдей болсо болду* (Аалы).

ҮЛӨШ II *этиш.* Бөлүү, бөлүшүү. *Түшүм үчүн чыңданып, Эмгегиңди үлөшкүн* (Калык).

ҮЛӨШТҮР *этиш.* Үлөш-үлөшкө бөлүү, бөлүштүрүү, үлөш-үлөшкө бөлүп, таратып берүү. [*Соня*] *аларды үлөштүрүп берди* (Баялинов). *Дадабай кырмандагы кызылды үлөштүрө баштады* (Жантөшев).

ҮЛӨШТҮРҮҮ үлөштүр этишинин кыймыл атоочу.

ҮЛП: үлп этүү — акырын леп этүү, желп этүү (жумшак жел же башка үлбүрөк, назик нерселерге карата). *Азыр үлп эткен жел жок* (Сыдыкбеков). *Жашыл жибек үлп-үлп этип майда титирейт* (Сыдыкбеков).

ҮЛПӨТ *зат.* 1. **Биргелешип көңүл ачуу,** тамак ичүү максатында чогулган топ. *Майрам, той, үлпөтүңө шерик болуп, Бир мүнөт кабак түйбөй шат-шат күлдүм* (Абдыраманов).

2. Ушундай топко берилген тамак-аш.

ҮЛПҮЛДӨ *этиш.* 1. Үлп-үлп этүү, үлп-үлп этип, назик көрүнүү. *Үлпүлдөгөн пахтанын Үймөгүн терип көбөйткөн* (Нуркамал). *Жээгинде шабыр үлпүлдөп, Өзөнү толуп суу келип, Дайрасы өскөн кыргыздын* (Калык).

2. Бүлбүлдөп араң эле күйүү, начар жарык берүү. *Чырак үлпүлдөп алсыз нурларын чачат* (Каимов).

ҮЛПҮЛДӨК *сын.* Үлбүрөк, жумшак, өтө назик. *Сүйүү үйлөсө учуп кетчү каакымдын үлпүлдөк башы эмес* (Касымбеков).

ҮЛПҮЛДӨТ үлпүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮЛПҮНЧӨК үлбүрчөк менен бирдей.

ҮЛҮЛ *зат.* Кочкор мүйүз сыяктуу уюлгуган кабыгы бар, илээшкек келген жумшак денелүү, омурткасыз кичинекей жандык.

ҮЛҮҢДӨ *этиш.* Күчү кетип начарлап, азая баштоо (жарык, нур ж. б.). *Калаган от үлүңдөп өчүп бара жатат* (Жантөшев).

ҮЛҮРӨЙ *этиш.* 1. Кабагы ачылбаган кебетеде көзүн жүлжүйтө суз кароо. *Карынбай ишенбеген түр менен үлүрөйө түштү* («Ленинчил жаш»).

2. Кейпи-кебетеси бузулуп, жүдөмүш тартуу.

ҮЛҮШ *зат.* 1. Байлардын өз тегерегиндеги элге же бир уруунун экинчи бир уруугa, жергиликтүүлөрдүн башка жерлик адамдарга сыйлап берген тамак-ашы. *Үлүш берип, бээ союп, Кийик атып, куш салып* («Эр Табылды»). *Кетмен-Төбөнүн жакшыларын көрөбүз, үлүш жейбиз — деп, Чормондун айлына бараткандар мени да кызыктырды* (Аалы).

2. Бир нерседен бөлүнгөн тийиштүү энчи, бөлүк. *Бул кызылды алты үлүшкө бөлөбүз* (Жантөшев). *Токтогулдун үлүшүнө тийгени башка* (Абдыраманов).

ҮМТӨТ *этиш.* Үмүт этүү, үмүт кылуу. *Көптөн үмтөткөн аздан куру калат* (макал).

ҮМТӨТТҮР үмтөт этишинин аркылуу мамилеси.

ҮМТӨТҮҮ үмтөт этишинин кыймыл атоочу.

ҮМҮТ *зат.* Кандайдыр бир нерсе жөнүндө үмүттөнгөн ишеним, тилек. *Жаштардын келечегинен үмүтүм чоң* (Жантөшев). *Токтогул Асан карыяны үмүт менен карады* (Аалы). *Алымкулдан энеси үмүт үзгөн жок* (Абдукаримов).

ҮМҮТКЕР *сын.* Үмүт кылган, үмүтткөн, кандайдыр бир нерсе жөнүндө ишеничи бар, үмүт үзбөгөн. *Ошентип, кары тамшанды, Жигитти тиктеп үмүткер* (Аалы).

ҮМҮТСҮЗ *сын.* Үмүтү жок, ой-тилеги, келечекке көз карашы ишенимсиз. *Жашылданып кыймылсыз жаткан күлүндүн көзү энесин үмүтсүз тиктегенсийт* (Аалы).

ҮМҮТТӨН *этиш.* Үмүт кылуу, тилек кылуу, жакшы тилек күтүү. *Ашыр ансайын*

эргип, үмүттөндү (Сасыкбаев). [*Динар*] *Аскарларга жетишке үмүттөндү* (Сыдыкбеков).

ҮМҮТТӨНТ үмүттөн этишинин аркылуу мамилеси.

ҮМҮТТӨНҮҮ үмүттөн этишинин кыймыл атоочу.

ҮМҮТТӨШ *сын.* Тилектеш, күткөн тилеги, үмүтү бир. *Үмүттөш болуп чечимге, Мен булбулуң сайрадым* (Бөкөнбаев).

ҮМҮТТҮҮ *сын.* Үмүтү бар, үмүт кылган. *Ашыр кандайдыр үмүттүү түрдө сөзүн улады* (Сасыкбаев). *Жол карап дале үмүттүү ой бар, Эшикке чыкты сергилең Дилвар* (Абдыраманов).

ҮН *зат.* 1. Сүйлөгөндө, ырдаганда же кыйкырганда үн түйүнүнүн дирилдешинен пайда болгон добуш. *Жайнаган көркту куттуктап, Жан-жаныбар салат үн* (Маликов). *Курман үнүн көтөрүңкү чыгарды* (Убукеев).

2. Вокалдык искусство үчүн материал болгон адам добушу. *Үнүн жоготуу. Анын жакшынакай үнү бар.*

3. Кээ бир заттардан чыккан дабыш, доош. *Кошул-ташыл күү менен, Комуз үнү шаңкылдап* (Тоголок Молдо). *Балта, араанын үнү тарсылдап,* [*баганаларды*] *бекитип жатышты* (Сасыкбаев). *Паровоздун кыйкырган үнү* (Жантөшев).

4. *өт.* Ой, пикир, айткан сөз. *Партиянын үнү — элдин үнү. Массанын үнүн угуу.*

◆ **Үн алышуу** — биринен сала бири үн чыгаруу, биринен кийин бири үн салуу. *Үч кара дөбөт үн алыша тосуп чыгышса да, Алыбектин үнүн угуп кайра тартышты* (Жантөшев). *Тарсылдаган балка, шаңкылдаган каңылтыр, араа жаңырыгы үн алышты* (Сасыкбаев). *Үн алышат гудоктор күркүрөп, Коммунизм коңгуроосун ургандай* (Аалы). **Үнү бүтүү** — кардыгуу, үнү чыкпай калуу. *Алыстан булдур кабарды Алыша албай кез-кезде, Эсиңде бардыр өткөн күн, Кардыгып үндөр бүткөн күн* (Элебаев). **Үнүн жасоо** — ырдоого же сүйлөөгө камынып, тамагын кыруу. *Салкын жел жанды ойготот, таң да атат. Ырчыча какырынып үнүн жасап* (Турусбеков).

ҮНДӨ *этиш.* 1. Үн чыгаруу, унчугуу; сайроо. *Кабагын карыш салып, үндөбөй үйүнө кетти* (Байтемиров). *Байчечекей гүлдөсө, Шагында булбул үндөсө* («Кыргыз фольклору»).

2. Чакыруу, чакырык кылуу. *Эркелетип сылап коюп чачтарын, Кемпирчалдар эмгекке үндөйт жаштарын* (Осмонкул). *Эркиндикке элди үндөп, Ээ болдуң билим-сезимге* (Калык).

3. Чакырып алуу, өзүнө келтирүү (колго багылган, тапталган алгыр куштарга карата). *Ак шумкар учса асманга, Амалың болсо үндөп ал* (Токтогул).

ҮНДӨК *зат.* Чакырык, чакырыкка көндүргөндүк (кыраан куштарга карата). *Бирок балапанынан колдо өскөнү үндөккө бат келет* (Каимов).

ҮНДӨӨ I чакырык менен бирдей.

ҮНДӨӨ II үндө этишинин кыймыл атоочу.

ҮНДӨШ *сын.* Бири-бирине окшоштугу бар, өз ара жалпылыгы бар. *Чыгармалары үндөш жазуучулар.*

ҮНДӨШТҮК *зат.* Сөздөгү үндүү тыбыштардын жоон-ичкелиги, эринчил-эринсиздиги боюнча бири-бирине ылайыкташып ээрчишүү жолу.

ҮНДҮҮ *сын.* 1. Үнү жакшы чыккан, үнү жагымдуу, шаңгыраган. *Колума алып күүлөсөм, Кошулушуп сүйлөсөм, Кооз үндүү комузум* (Токтогул). *Үндүү комуз. Үндүү коңгуроо.*

2. *лингв.* Айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурабастан, эркин чыгып, үндүн катышуусунан пайда болуучу тыбыш (мис.: **а, э, о** ж. б.).

3. Үнү бар, үн чыгарган, сүйлөй турган. *Үндүү фильм.*

ҮНӨМ *зат.* Ашыкча сарпталбоочулук, ысырап кылынбай, үнөмдүү расходдолгондук. *Буудай сепсең береке, Үнөм болот турбайбы?!* (Барпы).

ҮНӨМДӨ *этиш.* Үнөм менен расходдоо, үнөм менен сарп кылуу. *Базар сайын барпалаңдап түгөтпөй, Эпкиндүүлөр, эмгегиңди үнөмдө* (Калык). *Наныңарды колдон келишинче үнөмдөгүлө* (Жантөшев).

ҮНӨМДӨЛ үнөмдө этишинин туюк мамилеси.

ҮНӨМДӨӨ үнөмдө этишинин кыймыл атоочу.

ҮНӨМДӨТ үнөмдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮНӨМДҮҮ *сын.* Көп коробой турган, көпкө жете турган, берекелүү, коромжусуз. *Үнөмдүү азык-түлүк. Үнөмдүү тоют.*

ҮНӨМЧҮЛ *сын.* Үнөмдөөгө эпчил, тыкан, так, ыксыз сарп кылбоочу, ысырап кылбоочу. *Үнөмчүл киши.*

ҮНСҮЗ *сын.* 1. Үн чыгарбаган, добушсуз, унчукпаган. *Чоң эне небересинин жоругуна үнсүз башын ийкеледи* (Сыдыкбеков).

2. *лингв.* Айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурап, үн менен шыбыштын же жалаң гана шыбыштын катышуусу менен айтылган тыбыштар (мис.: **б, в, г, д, т, с** ж. б.).

ҮҢКҮГҮЙ *сын.* Капа болгон кебетелүү, башын төмөн салган, шылкыйган.

ҮҢКҮЙ *этиш.* Капа болгон кебетеде башын төмөн салуу. *Эки колун бооруна алып, үңкүйө жер карап отурган.. Алыбай* (Жантөшев). *Ботом, уста, үңкүйбөй кабагыңды ачча* (Бейшеналиев).

ҮҢКҮЙТ үңкүй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮҢКҮЙҮҮ үңкүй этишинин кыймыл атоочу.

ҮҢКҮР *зат.* Жердин алдын карай тигинен же узунунан кеткен караңгы, чуңкур жай. *Асканын түбү жапкактуу үңкүр* (Жантөшев). *Кара токой мал эткен, Кара үңкүрдү үй эткен* («Манас»).

ҮҢҮ *этиш.* Кандайдыр бир нерсенин асты жагынан ичин карай оюу, казуу, оюп

кирип кетүү. *Ороону үңүп казуу. Жылдызкан саманды үңүп жиберип жатты* (Байтемиров).

ҮҢҮЛ *этиш.* Эңкейип, көз айырбай кароо, көз албай тиктөө. *Каныбек дагы тактап, бир белгисин көрүүгө тырышкансып, карта бетине үңүлдү* (Жантөшев). *Кычан кулуюп, жерге үңүлүп, унчукпады* (Бейшеналиев).

ҮҢҮЛДӨ *этиш.* Капалуу, кайгылуу түрдө ачык эмес үн чыгаруу. *Элемандан ал кетти, Үңүлдөгөн үн калды, Үксөйгөн сакал жүн калды* («Эр Табылды»).

ҮҢҮЛДӨӨ үңүлдө этишинин кыймыл атоочу.

ҮҢҮЛДӨТ үңүлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮҢҮРӨЙ *этиш.* 1. Чуңкурайып, ич жагына кирип туруу. *Үңүрөйгөн тешик. Үңүрөйгөн ороо. Көздөрү үңүрөйүп, ичине кирип кеткен.*

2. Үңкүйүп, кабагын ачпоо, кабагы бүркөлүү. *Мага эмне үңүрөйсүң?* («Ала-Тоо»). *Алымбай Батийнага үңүрөйө карады* (Сыдыкбеков).

ҮҢҮРӨКӨЙ *сын.* Үңүрөйгөн, ич жагына чуңкурайган, чуңкур болуп көрүнгөн.

ҮҢҮРӨҢДӨ *этиш.* Орой сөздөр менен ачууланып, түрүн бузуп урушуу.

ҮП I *зат. эс.* Кымбат баалуу мүлк, буюм. *Алтын сандык түбүндө, Жыйнап койгон үбүндө* («Эр Төштүк»). *Кенжекенин үбү бар Чаар ингендин үстүндө* («Эр Төштүк»). *Үйгө жыйган кызына Үбүн сатты кайран эл* (Шайбеков).

ҮП II *зат.* Эч кандай жел, шамал жүрбөгөн ысык, думукма. *Кечке күн ысып үп болуп турган* (Шимеев). *Жалаң тиги мелтиреген мейкин талаада гана эмес, көк жондун өзүндө да үп болуп турду* (Таштемиров).

ҮПҮП *зат.* Темгил-темгил чаар жүндүү, ичин көздөй иймейген ийри тумшугу, башында таажысы бар канаттуу. *Куду этеги ичине кайрылган ак калпактай болгон таштын үстүндө эки сасык үпүп олтурат* (Сыдыкбеков).

ҮР *этиш.* Арс-арс, борс-борс эткен дабыш чыгаруу (мис., ит, түлкү). *Андасанда түюк үргөн иттин үнү үгулат* (Жантөшев). *Окжетпес асманга карап борс-борс үрдү* (Сыдыкбеков). *Кээ бир учурда борс-борс үргөй- түлкүнүн үнүн кулагым чалат* (Мидин).

◆ **Үрүп чыккан ити жок** — колунда эч нерсеси жок, жарды, өтө кедей. *Мамат үрүп чыгар ити жок кедей* (Каимов).

ҮРГҮЛӨ *этиш.* Бир аз уктап кетүү, чала уйкуда болуу, уйку-соонун арасында болуу, уйкусурап магдырай түшүү. *Жапар төрдө чыканактап газета окуп жатып, үргүлөп кетти* (Баялинов). *Ысак бир аз үргүлөп кеткен экен* (Абдукаримов).

ҮРГҮЛӨӨ үргүлө этишинин кыймыл атоочу.

ҮРГҮЛӨТ үргүлө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРК *этиш.* 1. Чочуп качуу, дүрбөп бир жакты көздөй ойт берүү, жалт берип качуу. [*Динар*] *үркүп келаткан жоон топ койлорду көрдү* (Сыдыкбеков). *Аманды көргөндө жылкылар бышкырып-кошкуруп үркө баштады* (Убукеев).

2. *өт.* Душман кол салганда жашаган жайын, жергесин таштап качуу, башка жайга ооп өтүү; дүрбөлөңгө түшүү. *Текеске карай үрккөн эл. Аймакташ элдер үрккөндөй көчө качышты* (Аалы). *Элемандан корккондон Үркүп качты кайран эл* («Эр Төштүк»).

◆ **Кулагынан үркүү** — өзүнөн-өзү бир нерседен кооптонгондой болуу, күн мурун эле чочулап корко берүү, элендөө, үрөйү учуу. *Айрыкча Көк-Суудагы элдер кулагынан үркту* (Жантөшев).

ҮРКҮН *зат.* Элдин душмандан үркүп качкан катуу дүрбөлөңү (кыргыздарда мындай абал 1916-жылы аёсуз кыйратылган көтөрүлүш учурунда болгон). *Айткулу үркүндө окко учкан* (Баялинов). *Иван бул кесипке кече кыргыз үркүнүнөн кийин гана кириштиби* (Баялинов).

ҮРКҮНЧӨӨК *сын.* Көп үркө турган, чочуп жалт берип кетме азоо, ойт бергич. *Эки кулагы тик, көкүл-жалы кыркылган үркүнчөөк кашкага Зарылбүбү минди* (Осмоналиев).

ҮРКҮТ үрк этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРКҮҮ үрк этишинин кыймыл атоочу.

ҮРӨ *этиш.* Жоюу, жокко чыгаруу. *Аласамды үрөп жиберди. Айлың менен тоскон соң, ачууму сага үрөдүм.*

◆ **Жанын үрөө** — бардык күчүн, мүмкүнчүлүгүн жумшоо, сарп кылуу, өлөртирилерине карабай катуу аракеттенүү. *Жанымды үрөп жүрүп, күнүнө эки бөз токуп бүтүрөм* (Жантөшев).

ҮРӨЙ *зат.* Түр, кебете, кебете-кешпир. *Үрөйү суук киши. Алмамбет, Чубак түгөйү, Адамдан башка үрөйү, Аркыратып келатат* («Манас»).

ҮРӨН *зат.* Себүүгө арналган урук, дан. *Дыңды бузуп майдалап, Үрөндү тегиз сепкиле!* (Осмонкул). *Себүүгө даярдалган үрөн. Үрөн топтоо.*

ҮРӨНДҮК *сын.* Үрөн кылууга ыңгарылган, үрөн катары жумшала турган. *Үрөндүк дан.*

ҮРӨҢ: үрөң-бараң *к.* **бараң II.**

ҮРӨТ үрө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРП I *зат.* 1. Адамдардын жана айбандардын эмчегинин учу, сүт чыга турган жери.

2. Эркектин жыныс органындагы сийдик өтүүчү каналдын учу, сийдик чыга турган жери.

ҮРП II *зат.* Куюлган идиштин (чаначтын, сабанын) түбүнө же бооруна туруп калган жана ачыткы катарында колдонула турган кымыздын бүртүк-бүртүк коюусу.

ҮРП III: үрп-адат — укумдан тукумга өтүп келе жаткан адат, салт.

ҮРПӨГӨЙ *сын.* Үрпөйгөн, сексейген, иретсиз көрүнүштө болгон (жүнгө, чачка карата). *Үрпөгөй чач. Үрпөгөй кара күчүк.*

ҮРПӨЙ *этиш.* 1. Саксаюу, үрпөгөй тартып, иретсиз абалда болуу. *Чачтарың үрпөйүп кетиптир, жууп алсаңчы!* (Байтемиров).

2. Коркуу, чочуу, корккон, элтеңдеген абалда болуу. — *Кагылайын Чарғын!— дешти эшиктин алдында үрпөйүп турушкан Айымжан менен Каныш* (Сыдыкбеков). *Дүйшөн менин үрпөйгөн түрүмду көрүп, жалооруп күлүп койду* («Ала-Тоо»).

ҮРПӨЙТ үрпөй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРПӨЙҮҮ үрпөй этишинин кыймыл атоочу.

ҮРПӨК *сын.* Үрпейгөн, үксөйгөн, сексейип турган. *Староста үрпөк чачтуу чоң башын калдаңдатып ийкеди* (Бейшеналиев).

ҮРПӨҢДӨ *этиш.* 1. Үрпөйүп сексеңдөө, сексеңдеп үрпейгөн, селкилдеген көрүнүштө болуу. *Чачтары үрпөңдөйт.*

2. Ачуусу келүү, ачууланып урушуу. *Мага үрпөңдөй турган жөнүң жок* («Чалкан»).

ҮРПӨҢДӨӨ үрпөңдө этишинин кыймыл атоочу.

ҮРПӨҢДӨТ үрпөңдө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРПҮЙ үрпөй менен бирдей.

ҮРТҮК *зат.* Аттын мойнуна, көкүрөгүнө оролтуп, капталына, соорусуна түшүрө жабыла турган ат жабуу. *Аттарынын баарысы, Үртүк менен жабылуу* («Курманбек»).

ҮРТҮКТӨ *этиш.* Үртүк менен жабуу, үртүк менен жабуулоо. *Үртүктөгөн кулуктөрүн жетелеттирип, Айдарбек, Тойчу даткалар келишти* (Жантөшев).

ҮРТҮКТӨӨ үртүктө этишинин кыймыл атоочу.

ҮРТҮКТӨТ үртүктө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮРТҮКТҮҮ *сын.* Үртүгү бар, үртүк жабылган.

ҮРҮҮ үр этишинин кыймыл атоочу.

ҮСТ үстү менен бирдей.

ҮСТӨ *этиш.* Кошумчалоо, үстүнө кошуу.

ҮСТӨК *зат.* Үстүнө кошулган нарк, үстүнө кошуп берилген кошумча. *Канча үстөк бердиң?*

ҮСТӨКӨ: үстөкө-бөсток — үстү-үстүнө, кайра-кайра, дагы кайталап. *Салык мурутарын үстөкө-бөсток чыйратат* (Каимов). *Чоочун киши үстөкө-бөсток камчы уруп кетип барат* (Байтемиров).

ҮСТӨМ *зат.* Басымдуулук кылган күч, бийлөөчү күч. *Күрөштө үстөм чыккан күчтүү Ала-Тоо, Ээледи нечен сонун жаңы көркту* (Турусбеков). *Эмгекчинин үстөмү Дүркүрөдү, күчөдү* (Элебаев).

ҮСТӨМДҮК *зат.* 1. Үстөм болгондук, басымдуулук кылган абал, шарт. *Искусство, илим, өнөр Үстөмдүктү кылышат, Айлык жолду асман менен Кыска кылып салышат* (Аалы).

2. Бийлик, бийлик абалы. *Үстөмдүк жүргүзгөн тап.*

ҮСТӨМДҮҮ *сын.* Үстөм келген, басымдуу, күчтүү. *Партия жеңиш, бакыт, кыпкызыл туу, Биз үчүн алгалаган үстөмдүү чуу* (Аалы).

ҮСТӨМӨ *зат.* Кошумча, үстөк.

ҮСТӨМӨН *такт.* Көмкөрөсүнөн, этбетинен, жүзү төмөн караган абалда. *Байыр жерге барып үстөмөнүнөн жыгылды* (Баялинов). *Үстөмөнүнөн жатты.*

ҮСТӨМӨНДӨ *этиш.* Көмкөрөсүнөн, үстөмөнүнөн жатуу, жыгылуу. *Кай бири сүйгөнүнө таарынгансып, үстөмөндөп кар кучактап жатат* (Жантөшев). [*Уруя*] *жоолугунун учу менен бетин басып, полкага үстөмөндөп бүк түшүп жыгылды* (Байтемиров).

ҮСТӨМӨНДӨӨ үстөмөндө этишинин кыймыл атоочу.

ҮСТӨМӨНДӨТ үстөмөндө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮСТҮ *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсенин жогорку, үстүнкү бети, бөлүгү, төбөсү, астына карама-каршы жагы. *Үстү бийик тоо болчу, Ортосу таш зоо болчу* («Жазгыч акындар»). *Столдун үстү. Тамдын үстү.*

2. Дагы, дагы кошумча. *Кой, какагандын үстүнө муштаган кылбайын* (Байтемиров).

3. Бир нерсенин маалы, убагы, жүрүп жаткан учуру. *Тамактын үстүнөн чыктым. Жумуштун үстүндө болуу.*

4. Ушул азыркы, азыр жүрүп жаткан учурдагы. *Үстүбүздөгү жыл. Үстүбүздөгү доор.*

5. Кимдир бирөөнүн отурган жери, жайы. *Директордун үстүнө кирип бардым. Отурган коноктордун үстүнө кире беребизби?*

◆ **Үстү-башы** — кийим-кечеси, кийими. *Үстү-башы дурус. Үстү-баштары чамбыл ала болгон жумушчулар жерде олтурушту* (Сасыкбаев). **Астын-үстүн болуу** *к.* **астын. Үстү-үстүнө** — кайра-кайра, кайта-кайта, улам-улам. *Папиросту үстү-үстүнө тартты. Үй ээси Токтогулга суроону үстү-үстүнө берип жатты* (Бөкөнбаев).

ҮСТҮНКҮ *сын.* Жогорку, үстү жактагы, астынкынын карама-каршы жагы. *Үстүнкү кабаттагы тээтиги эки терезе менин квартирам* («Чалкан»). *Жолдун үстүнкү бети.*

ҮСТҮРТӨН *такт.* 1. Үстү жагынан, жукалап, кайпалата, уч жагынан. *Үстүртөн көктөп, Самандай көпшөк* (Элебаев). *Үстүртөн кайпыта чабуу.*

2. Жалпы жонунан, жондотуп, анчалык терең эмес. *Үстүртөн түшүнүк берүү. Үстүртөн сүйлөп өтүү.*

ҮТ *зат.* Кандайдыр бир нерселердеги кичинекей кууш тешик (мис., кулактын көзөнөгү же мончок, шуруладын көзү).

ҮТҮК *зат.* Кийим-кече же башка жука материалдарды үтүктөө үчүн колдонулуучу прибор.

ҮТҮКТӨ *этиш.* Үтүккө басуу.

ҮТҮКТӨӨ үтүктө этишинин кыймыл атоочу.

ҮТҮКТӨТ үтүктө этишинин аркылуу мамилеси.

ҮТҮР *зат.* Сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн арасын ажыратуу үчүн коюлган тыныш белги (,).

ҮТҮРДҮҮ *сын.* Үтүрү бар, үтүр коюлган.

◆ **Үтүрдүү чекит** — үтүр жана чекит кошо коюлган тыныш белгиси (;).

ҮТҮРӨЙ *этиш.* 1. Жаман көз менен карап, кабак бүркөө, кабак чытуу, түнөрүү. *«Балким, сен алдамчыдырсың?» деп, Эркин Жумага карап үтүрөйдү* (Жантөшев). *«Сага сөз жок» деп, аксакалы ага астыртан үтүрөйүп койду* (Убукеев).

2. Начар, жупуну көрүнүү. *Үтүрөйгөн жаман десе ! Баягы алачык жок үтүрөйгөн, Боз үй жок тамтык кетип, ышка күйгөн* (Үмөталиев).

ҮТҮРӨЙТ үтүрөй этишинин аркылуу мамилеси.

ҮТҮРӨЙҮҮ үтүрөй этишинин кыймыл атоочу.

ҮТҮРӨКӨЙ *сын.* Үрөйү суук, кебетеси жаман.

ҮТҮРӨҢ: үтүрөң-үтүрөң этүү — үтүрөндөө.

ҮТҮРӨҢДӨ *этиш.* Үтүрөйгөн кебетеде, кабагын түйө ачуулануу, урушуу, жини келүү. *Үтүрөңдөп ар качан, Өөн табат башкадан* (Маликов).

ҮЧ *сан.* 1. 3 саны, эсеби.

2. Сабакка жетишүү жагын белгилей турган «орто» деген маанидеги баа. *Бир бала да үч албайт Экзамендин маалында* (Осмонкул).

◆ **Үч уктаса түшкө кирбеген** — такыр ойго келбеген, ойдо жок. *Силерге жолугам деп, үч уктаса түшкө кирген жок эле* («Советтик Кыргызстан»). **Үйдүн ичин үч көтөрүү** — үйдү ополоп-тополоп кылып жиберүү, топуратуу. *«Келинди келгенде көр» дегендер үйдүн ичин үч көтөрдү* (Жантөшев). **Үч бурчтук** — үч сыныктын сызык менен чектелген фигура.

ҮЧҮЛҮК *зат.* Өлгөн адамды эскерүү катарында үч күн өткөндөн кийин берилүүчү тамак. *Үч күндөн кийин Карып Ажардын үчүлүгүн берди* (Жантөшев).

ҮЧҮН *жард.* Максатты, себепти көрсөтүү үчүн колдонулат. *Таалай үчүн бүткөн жол, Таңыркатат караса* (Аалы). *Жеңиштүү эмгек үчүн алынган Кызыл Туу чоң таштын үстүнө орнотулду* (Сасыкбаев).

ҮЧҮНЧҮ *сан.* Үчтүн иреттик саны. *Үчүнчү класс. Үчүнчү жыл. Мени менен үчүрашканы келген кишилер үчүнчү күндө аран суюлду* (Аалы).

ҮШКҮ *зат.* Көзөө, тешүү үчүн колдонулуучу аспап. *Керегенин көзүн үшкү менен тешүү.*

ҮШКҮР *этиш.* Үшкүрүк чыгара оор дем алуу. *Карыя комузду колуна кармап, ырдын машакатын эске түшүрүп, үшкүрүп жиберди* (Аалы).

ҮШКҮРТ үшкүр этишинин аркылуу мамилеси.

ҮШКҮРҮК *зат.* Капаланганда, кайгыранда же чарчаганда үшкүрүнүп катуу чыгарган дем. *Улутунуу менен үшкүрүктөр болбосо, үйдүн ичи жым-жырт* (Аалы). *Бул бараткандардын ичинен Карыптын үшкүрүгү күчтүүрөөк чыккансыйт* (Абдукаримов).

ҮШКҮРҮН *этиш.* Үшкүрө берүү, кайта-кайта үшкүрүү. *Үч күн ойлоп, үшкүрүнүп, Эпке келди карыя* (Аалы).

ҮШКҮРҮҮ үшкүр этишинин кыймыл атоочу.

ҮШӨ: жер үшө — чоочун, бөтөн жерде жүрүп өз жерин сагынуу, бөтөн жерге көнө албай жүдөө, азуу. *Каныбек келгенден кийин жер үшөп, чоочун турмушка көнө албады* (Жантөшев).

ҮШҮ *этиш.* Сууктун, муздактыктын таасири менен муздоо, тоңуу, муздаган, тоңгон абалга келүү. *Комузчулардын колу үшүп, күү черте албады* (Убукеев). — *Үшүгөнүм деле жок, — деп, Омор Сагын менен амандашты* (Жантөшев).

◆ **Жүрөгү үшүү** — жүрөгү калуу, коркуп, жалкотой болуу. *[Камканын] жамандыкка үшүгөн жүрөгү көөдөнүн ургулап, зээни кейиди* (Бейшеналиев).

ҮШҮК *зат.* Үшүтүп, зыяндатып кете тургандай суук. *Менин бутум үшүктүн залдарынан канаган* (Жантөшев). *Жаңы гүлдөгөн мөмөлөрдү үшүккө үчуратпоого аракет кылалы* («Жаш ленинчи»).

ҮШҮКЧӨӨК үшүкчөөл менен бирдей.

ҮШҮКЧӨӨЛ *сын.* Суукка чыдамсыз, байымы жок, бат үшүп кетүүчү.

ҮШҮНТ *этиш.* Ушундай кылуу, ушундай этүү.

ҮШҮР *зат. тар.* Эгин жыйналган маалда түшүмдүн ондон бирине туура келген өлчөмдө төлөй турган салык, алым. *Умут кылсаң жаныңдан, Үшүр бергин даныңдан* (Тоголок Молдо). *Молдолор чыгат «питир» деп, Кожолор чыгат «үшүр» деп* (Төктогул).

ҮШҮТ үшү этишинин аркылуу мамилеси.

ҮШҮҮ үшү этишинин кыймыл атоочу.

ҮШҮЧӨӨК үшүкчөөл менен бирдей.

Ф

ФАБРИКА *зат.* Сырьёлорду машиналык жол менен иштетип, ар кандай продукцияларды даярдап чыгаруучу өнөр жай ишканасы. *Бектур 1951-жылы машыккан слесарь катарында «П» фабрикасында иштөөгө келди* (Сасыкбаев). *Сулуу-*

лар, пахта тергиле, Фабрикага бергиле (Үмөталиев).

ФАБРИКАНТ *зат.* Фабрикага ээ болгон, фабрика ээлөөчү капиталист.

ФАЗА *зат.* Кандайдыр бир коомдук процесстин тарыхый өнүгүшүндөгү айрым стадиялык мезгил, доор. *Социализм—коммунизмдин биринчи фазасы.*

ФАКСИМИЛЕ *зат.* Кол жазманын, кандайдыр бир документтин ж. б. фотомеханикалык жол менен туура өзүндөй болуп түшүрүлгөн сүрөтү, өзүндөй болуп берилген сүрөттүү көчүрмөсү.

ФАКТ *зат.* Анык болгон иш, окуя, чындык. *Мен фактыны айттым! — деди Марк Соломонович* (Сасыкбаев).

ФАКТОР *зат.* Кандайдыр бир процесстн же кубулушту шарттоочу негизги күч, факт.

ФАКУЛЬТЕТ *зат.* Жогорку окуу жайында илимдин бир тармагын өз ичине алган, ошол тармак боюнча окутуу ишин жүргүзгөн бөлүм. *Тарых факультети. Филология факультети. Биология факультети.*

ФАЛЬСИФИКАТОР *зат.* Фальсификация жасоочу, фальсификация жолуна түшкөн киши. *Тарыхтын фальсификаторлору.*

ФАЛЬСИФИКАЦИЯ *зат.* Чындыктын, болгон нерсенин, фактынын бурмаланып, бурмалап өзгөртүлгөн түрү, көрүнүшү, ушундай көрүнүштөгү нерсе.

ФАМИЛИЯ *зат.* Өз аты менен бирге кошулуп айтылуучу жана балдарына (ылайык табышса аялына да) өтүп, укумдан тукумга сакталып колдонула берүүчү жалпы үй-бүлөлүк ат. *Менин фамилиямды качан чакырар экен деп, Мусабек почтальонду чыдамсыздык менен жал-жал карайт* (Абдумомунов).

ФАНАТИЗМ *зат.* Өзүнүн диний ишенимине өзгөчө катуу берилген, башка ишенимди кайнаса каны кошулбагандай жек көргөн фанатиктин ой-пикирине, түшүнүгүнө, аракетине мүнөздүү көрүнүш, анын өзгөчөлүгүн аныктоочу белгилердин жалпы жыйындысы.

ФАНАТИК *зат.* 1. Диний ишенимге жеткире сугарылган, ага өзгөчө катуу берилген, башка диндик ишенимди, анын өкүлдөрүн аябай жек көргөн киши.

2. Кандайдыр бир ишке, идеяга ж. б. өзгөчө кызыгуу менен берилген, аны жандили менен колдогон, анын бардык ишине ар дайым даяр турган киши.

ФАНЕРА *зат.* 1. Жакшы көрк берүү үчүн жыгачтан жасалган буюмдардын сыртынан каптатылган жыгачтын жука, жазы тилкеси.

2. Бир нече кат жука тактай тилкесинен катталган жана жабыштырылган такта. *Иван Безруков болсо ушул кыштактагы фанера заводунда мастер болуп иштей турган* (Сыдыкбеков).

ФАНТАЗЁР *зат.* Фантазияны сүйгөн, фантазиялуу кылып апыртып сүйлөгөн, апыртма адам.

ФАНТАЗИЯ *зат.* 1. Чыгармачылык менен кыялдануу, кыялдуу ой жүгүртүүгө карата болгон жөндөмдүүлүк. *Бул жазуучунун фантазиясы бай. Поэтикалык фантазия.*

2. Куру кыял, иш жүзүнө ашпас, жалган нерсе.

3. *муз.* Эркин формадагы музыкалык чыгарма.

ФАНТАЗИЯЛУУ *сын.* Фантазиясы бар, фантазия аралашкан. *Жөө жомоктордун окуялары фантазиялуу болот.*

ФАНТАЗИЯЧЫЛ **фантазер** менен бирдей.

ФАРАОН *зат.* Байыркы Египет падышаларынын титулу.

ФАРМАКОЛОГ *зат.* Фармакология боюнча специалист.

ФАРМАКОЛОГИЯ *зат.* Дары заттарынын организмге таасирин изилдөөчү илим.

ФАРТУК *зат.* Жумуш жасаганда кийим кирдебес үчүн алдыга тартылуучу алжапкыч.

ФАРФОР *зат.* Ак чопонун жогорку сортунан жасалган минералдык масса жана андан иштеп чыгарылган буюм, идиш-аяк ж. б.

ФАСОН *зат.* 1. Кийим-кечелерди белгилүү бир түргө салып бычуу же тигүү үчүн колдонулган үлгү, модель. *Жаңы фасон менен тигилген окшош көйнөктөр.*

2. Буюмдун же кандайдыр бир жасалганын сырткы көрүнүшү, формасы.

ФАУНА *зат.* Белгилүү бир жердеги, өлкөдөгү, геологиялык доордогу жаныбарлардын бардык түрлөрүнүн жалпы жыйындысы, жаныбарлар дүйнөсү.

ФАШИЗМ *зат.* Империалисттик буржуазиянын жеткен агрессивдүү чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын көздөгөн өтө реакциячыл саясий агым жана ашкан шовинизм, расизм, бардык демократиялык бөштондукту жок кылуу, басып алуучулук согуштарды даярдоо, баштоо сыяктуу мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар монополисттик капиталдын террористтик диктатурасы.

ФАШИСТ *зат.* Фашизмди жактоочу, фашисттик идеядагы адам. *Кыргын салып фашистке, Кызуу менен жеңишке* (Калык).

ФАШИСТТИК *сын.* Фашистке таандык. *Фашисттик жыландарды селодон чыгарбай күм-жам кылышты* (Жантөшев).

ФАЭТОН *зат.* 1. Үстү жабык жеңил араба.

2. Кузову ачык жеңил автомобиль.

ФАЯНС *зат.* Чопонун өзгөчө сортуна гипс заттарды аралаштырып, карапа ж. б.жасоого материал катары колдоно турган минералдык масса.

ФЕВРАЛЬ *зат.* Календардык жылдын экинчи айы.

ФЕДЕРАЦИЯ *зат.* 1. Өз алдынча болгон мамлекеттерден бириккен бир бүтүн мамлекет. *Биздин өлкөбүздөгү биринчи федерация Россиялык федерация болгон* («Коммунист»).

2. Айрым коомдордун же уюмдардын бирикмеси, союзу.

ФЕЛЬДМАРШАЛ *зат.* Падышалык армиядагы жана кээ бир чет өлкөлүк армиядагы генералдык жогорку чин жана ушундай чиндеги адам.

ФЕЛЬДШЕР *зат.* Медициналык орто билими бар адам, врачтын жардамчысы. *Алексеевге дары алуу шылтоосу менен фельдшердикине барган* (Жантөшев).

ФЕЛЬЕТОН *зат.* Күнделүк турмуштагы ар кандай терс көрүнүштөрдү, кемчиликтерди, коомго жат адаттарды мыскылдап, ашкерелеп, көркөм адабияттын, өзгөчө сатиранын ыкмалары менен жазылган газета-журналдардын макаласы.

ФЕЛЬЕТОНИСТ *зат.* Фельетон жазуучу, фельетондордун автору.

ФЕОДАЛ *зат.* Феодалдык коомдогу үстөмдүк кылуучу таптын өкүлү; помещик-крепостник. *Феодалдар, кулак-куйрук айдалып, Жаңы турмуш гүлдөп жатат жериңде* (Аалы).

ФЕОДАЛДЫК *сын.* Феодалга, феодализм коомуна таандык. *Калп айтуу коммунизмге жат, демек, феодалдык калдыктын бир түрү так ошол* (Байтемиров). *Феодалдык түзүлүш.*

ФЕОДАЛИЗМ *зат.* Жер, өндүрүш каражаттары бүт бойдон жана көз каранды крепостной дыйкандар жарым-жартылай феодалдардын менчиги болуп эсептелген, ошондой эле феодалдар өз территориясында мамлекеттик бийликти жүзөгө ашырууга укуктуу болгон капитализмден мурунку коомдук түзүлүш.

ФЕРЗЬ *зат.* Шахмат оюнундагы эң күчтүү фигуранын аты, королева.

ФЕРМА *зат.* 1. Колхоз менен совхоздордун мал жана канаттуу куштар боюнча адистештирилген айрым-айрым тармактарынын чарбасы. *Колхоздун сүт-товар фермасы. Ферма башчысы.*

2. Капиталисттик өлкөлөрдө: менчик же арендага алынган жер участкасында түзүлгөн жеке чарба, айыл чарба ишканасы.

ФЕРМЕНТ *зат.* Тирүү клетка аркылуу иштелип чыгуучу, тамак сиңирүүнү, организмде заттардын алмашуусун жөнгө келтирүүчү органикалык зат.

ФЕРМЕР *зат.* Ферманын (2-маанисинде) ээси же арендатору (арендага алган киши).

ФЕСТИВАЛЬ *зат.* Искусствонун кандайдыр бир түрүн көрсөтүү, кароо аркылуу өтө турган коомдук майрам.

ФИЗИК *зат.* Физика жагынан специалист.

ФИЗИКА *зат.* Материянын түзүлүшү, касиети жана анын кыймылы, өзгөрүш формалары, органикалык эмес жаратылыштын жалпы закон ченемдүүлүгү жөнүндөгү илим. *Ядролук физика. Электрондук физика. Физика окуу китеби.*

ФИЗИКАЛЫК *сын.* Физикага таандык.

ФИЗИОЛОГ *зат.* Физиология боюнча специалист.

ФИЗИОЛОГИЯ *зат.* 1. Организмдин тиричилик функциялары жөнүндөгү илим. *Адамдын физиологиясы.*

2. Организмдин функциялары жана алардын башкаруучу закондор. *Дем алуунун физиологиясы.*

ФИЗИОЛОГИЯЛЫК *сын.* Физиологияга таандык.

ФИЗИОНОМИЯ *зат.* 1. Адамдын бет түзүлүшү, түспөлү, кебете-кешпири.

2. Ар нерсенин өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү, кебетеси, түзүлүшү.

ФИЗКУЛЬТУРА *зат.* Дене тарбия, ден соолукту, денени чыңдап, бардык жагынан өркүндөтүүчү гимнастикалык машыгуулар, көнүгүүлөр.

ФИЗКУЛЬТУРАЛЫК *сын.* Физкультурага таандык.

ФИЗКУЛЬТУРНИК *зат.* Физкультура жана спорт иштери менен иришкен адам спортсмен.

ФИЛАРМОНИЯ *зат.* Концерт берүү жана музыкалык пропаганданы уюштуруу иштерин жүргүзүүчү мекеме же коом.

ФИЛИАЛ *зат.* Ишкананын же мекеменин өз алдынчалыгы бар бөлүмү. *СССР илимдер Академиясынын филиалы. Институттун филиалы. Музейдин филиалы.*

ФИЛОЛОГ *зат.* Филология боюнча специалист.

ФИЛОЛОГИЯ *зат.* Элдин тилин, адабий чыгармачылыгын жана алар аркылуу көрүнгөн элдик маданиятты изилдөөчү илимдердин жалпы жыйындысы.

ФИЛОЛОГИЯЛЫК *сын.* Филологияга таандык.

ФИЛОСОФ *зат.* Философия боюнча специалист, ошондой эле дүйнөгө көз карашка тийиштүү маселелерди иштеп чыгуу жагында эмгектенген ойчул адам.

ФИЛОСОФИЯ *зат.* Жаратылыштын, адам коомунун жана ойлоонун өнүгүшүнүн жалпы закондору жөнүндөгү илим.

ФИЛОСОФИЯЛЫК *сын.* Философияга таандык.

ФИЛЬМ **кинофильм** менен бирдей.

ФИЛЬТР *зат.* 1. Суюктукту, газды чыпкалап тазалай турган прибор.

2. Кээ бир нурду, электромагниттүү толкундарды өткөрбөй кармай турган прибор.

ФИНАЛ *зат.* 1. Бир нерсенин корутундусу, акыры, аяктalышы. *Иш финалга жакындап калды.*

2. *иск.* Музыкалык, театралдык же адабий чыгарманын корутунду бөлүгү.

3. *спорт.* Спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрдү аныктай турган акыркы бөлүгү.

ФИНАНСЫ *зат.* Акча каражаттарынын жыйындысы, акча операциясы. *Мамлекеттик финансы.*

ФИНАНСЫЛА *этиш.* Акча каражатын берүү.

ФИНАНСЫЛОО **финансыла** этишинин кыймыл атоочу.

ФИНАНСЫЛЫК *сын.* Финансыга таандык.

ФИНИШ *зат.* 1. Спорттук жарыштын акыркы бөлүгү.

2. Ушундай жарышка катышкандардын келип токтоочу жери, жарышка ыйгарылган аралыктын акыркы чеги.

ФИРМА *зат.* Товар сатуучу же буюм

жасап чыгаруучу соода же өнөр жай ишканасы. *«Кыргызмебель» фирмасы.*

ФЛАКОН *зат.* Кичинекей бөтөлкө. *«Доктор» иод куюлган флаконду ача баштады* (Сыдыкбеков).

ФЛАНЕЛЬ *зат.* Жумшак, майда түктүү кездеме.

ФЛЕЙТА *зат.* Тешиктери жана клапандары бар, түз түтүк сыяктуу жыгачтан жасалган жогорку тондогу духовой музыкалык инструмент.

ФЛЕКСИЯ *зат. лингв.* Уңгуга мүчө айкашканда уңгунун алгачкы түрү жана составы өзгөрүп, уңгу менен мүчөнүн чеги которулуп кетүү кубулушу.

ФЛОРА *зат.* Белгилүү бир жердеги, өлкөдөгү, геологиялык доордогу өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрүнүн жыйындысы, өсүмдүктөр дүйнөсү.

ФЛОТ *зат.* 1. Бүткүл мамлекеттин же айрым деңиздин, ири дарыянын бардык согуш же соода кемелеринин жалпы тобу, ири бирикмеси.

2. *сог.* Согуш-деңиз кемелеринин ири бирикмеси.

◆ **Аба флоту** — учуучу аппараттардын жалпы тобу, авиация.

ФЛОТЧУ *зат. сүйл.* Моряк. *Биз, кызыл флотчулар, Мурманск шаарындабыз* (Баялинов).

ФЛЯГА *зат.* 1. Суюк нерсени куюп жанга ала жүрүүгө ылайыкталып жасалган чакан идиш.

2. Суюк нерселерди куюп ташуу үчүн колдонулуучу туткасы бар көлөмдүү идиш.

ФОЙЕ *зат.* Театрдын, клубдун ж. б. антракт убагында же оюн башталардын алдында оюн көрүүчүлөр басып жүрүүгө, эс алууга ылайыкталган залы. *Клубдун чакан фойесинде, кулактандыруунун жанында, кооз кийинген жаштар* (Абдумомунов).

ФОКУС *зат.* Кыймылдын шамдагайлыгына, тездигине же кандайдыр бир амалдуулукка негизденген ыкма боюнча кандайдыр бир нерсенин көзгө алданма, жалган элесте көрүнүшү. *Чын Де-ли анын көңүлүн алагды кылгысы келди. Фокусун жасап кирди* (Байтемиров).

ФОКУСНИК *зат.* Фокус көрсөтүүчү артист, көз боочу.

ФОЛЬКЛОР *зат.* Элдик оозеки чыгармачылык, оозеки чыгармалар.

ФОЛЬКЛОРДУК *сын.* Фольклорго таандык.

ФОЛЬКЛОРИСТ *зат.* Фольклор боюнча адис.

ФОНАРЬ *зат.* Жарык берүүчү жери айнек, слюда ж. б. менен курчалып, жарык кылуу үчүн колдонулуучу прибор, асма чырак. *Көчө фонары. Чөнтөк фонары.*

ФОНЕМА *зат.* Тилдин составдык бөлүктөргө ажырабай турган, сөздөрдүн, морфемалардын маанисин айырмалоочу каражат катары каралган элементи — тыбыш.

ФОНД *зат.* 1. Ар кандай максаттар, керектөөлөр үчүн ыйгарылган акча же башка материалдык каражаттар. *Кызмат акы фондусу. Колхоздун бөлүнбөс фондусу.*

2. Белгилүү бир нерсенин акча же башка материалдык ресурстардан турган запасы. *Колхоздун үрөн фондусу. Тоют фондусу.*

ФОНЕТИКА *зат.* 1. Тилдин тыбыштык составы.

2. Тил илимининн тилдин тыбыштык составы жөнүндөгү бөлүмү.

ФОНЕТИКАЛЫК *сын.* Фонетикага таандык.

ФОНТАН *зат.* 1. Сууну күчтүү басым менен жогору карай оргутуп, атырылтып туруу үчүн атайын курулган жай. *Муздак фонтан атырылып жыбырап, Салкын бактар жибек желге кыбырап* (Аалы). *Фонтан кайрадан оргуштай баштады* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Бир нерсенин көп, мол болуп токтобостон чыгып турган, агып жаткан көрүнүшү, молдук.

ФОРЕЛЬ *зат.* Лосось түркүмүнө кирүүчү кызыл жана кара темгилдери бар анча чоң эмес балык.

ФОРМА *зат.* 1. Тышкы көрүнүш, түр, кебете. *Шар формасында жасалган түзүлүш. Квадрат формасындагы аянт. Формасы менен салынган сегиз бөлмөлүү үйү бар* (Жантөшев).

2. Белгилүү бир нерсенин, иштин мазмунуна ылайыкталган, ага шартташылган принцип, тип, түзүлүш, жалпы көрүнүш. *Башкаруунун формалары. Тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн формалары.*

3. Аскер кызматчылары, мекеме кызматчылары, окуучулар ж. б. кийүүчү бардыгына жалпы, бирдиктүү үлгүдө тигилген окшош кийим. *Шахтёрлор формасын кийип, ордендерин тагынган бойдон олтурушат* (Сасыкбаев). *Офицердик форма. Окуучулардын формасы.*

4. *тех.* Калып. *Деталь формаларын жасоочу станоктор катуу түрсүлдөп иштөөдө* (Сасыкбаев).

5. *канц.* Бланканын, ар кандай иш кагаздарынын, толтурула турган документтердин ж. б. белгиленген үлгүсү. *Бюллетендин формасы. Справканын формасы.*

6. *лингв.* Грамматикалык категорияларды жана сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштарын уюштурган тилдик каражаттар. *Этиштин мамиле формалары. Илик жөндөмөсүнүн формасы. Зат атоочтун таандык формалары.*

ФОРМАЛДУУ *сын.* Кандайдыр бир ишке үстүртөн мамиле кылган, форма жагын окшоштуруу менен чектелген, иштин маңызы, негизги мааниси менен анча байланышы болбогон.

ФОРМАЛДУУЛУК *зат.* Кандайдыр бир ишке үстүртөн, формалдуу мамиле кылгандык.

ФОРМАЛИЗМ *зат.* 1. Иштин мазмунына, маңызына залал келтирүү менен, анын сырткы түрүн, формасын гана сактагандык, формалдык жагына гана өткөрө көңүл бургандык. *Жетекчилик иштердеги формализмге каршы күрөшүү.*

2. Чыгарманын форма жагына гана өткөрө баа берип, аны чыгармачылыктагы идеялык мазмундан толук түрдө ажыратып караган адабияттагы, искусстводогу, адабият таануу илиминдеги ж.б. идеалисттик багыт.

ФОРМАЛИСТ *зат.* 1. Ишке формалдуу мамиле кылган, формализмге (1-маанисинде) берилген адам.

2. Формализмди (2-маанисинде) жактоочу, анын жолун жолдоочу.

ФОРМАТ *зат.* Китептин, кагаздын, карточканын ж. б. бет жагынан (эни, узундугу жагынан) алынган өлчөмү. *Чоң форматтагы китеп. Кичине форматтагы дептер.*

ФОРМАЦИЯ *зат.* Бир нерсенин өнүгүшүндөгү белгилүү баскыч; өнүгүүнүн ошол баскычына туура келген түзүлүш. *Социализм жана коммунизм коммунисттик коомдук-экономикалык формациянын эки баскычын түзөт* («Коммунист»).

ФОРМОВЩИК *зат.* Ишгелип чыгарылган ар кандай продукцияны, ар кандай нерсени формага салуучу, форматын белгилеп келтирүүчү жумушчу, адис.

ФОРМУЛА *зат.* 1. Математикалык чоңдуктардын шарттуу белгилер (тамгалар, сандар, атайын алынган башка белгилер) аркылуу көрсөтүлгөн туюнтмасы.

2. Химиялык заттардын составынын, химиялык процесстердин тамгалар жана башка белгилер аркылуу көрсөтүлгөн шарттуу туюнтмасы.

ФОРМУЛИРОВКА *зат.* Так жана кыскача айтылган, жазылган ой.

ФОРТЕПЬЯНО *зат.* Металл кылдары бар, клавишалуу музыкалык инструмент.

ФОРТОЧКА *зат.* Терезенин үйдү жалдетүүгө ылайыктап жасалган ачылма көзү.

ФОРУМ *зат.* 1. Байыркы Римде шаардын коомдук чогулуулары өткөрүлүүчү аянт.

2. Өзгөчө мүнөздө, кеңири маанide болгон чогулуш. *Жаштардын эл аралык форуму.*

ФОСФОР *зат.* Кээ бир минералдардагы, жаныбарлардын сөөктөрүндөгү жез жалындоочу, караңгыда жарык болуп туруучу химиялык элемент. *Ак фосфор. Кызыл фосфор.*

ФОТО *зат.* Фотография, фотография жолу менен түшүрүлгөн сүрөт.

ФОТОГРАФ *зат.* Фотографиялык жол менен сүрөткө тартып алуучу, фотография менен ишчүүчү киши. [*Жумагулду*] *фотограф чык эттирип тартып ала койду* (Шимеев).

ФОТОГРАФИЯ *зат.* Атайын оптикалык аппарат аркылуу фото (сүрөт) тартуу иши жана ушул ишти жүргүзүүгө ылайыкталган жай.

ФОТОКАРТОЧКА *зат.* Фотографиялык сүрөт, карточка.

ФОТОТЕЛЕГРАФ *зат.* Радио же телеграф каражаттары аркылуу сүрөттү ыраак жерге берип турууга ылайыкталган атайын техникалык түзүлүш.

ФОТОХРОНИКА *зат.* Окуялардын фотографияга тартылган хроникасы.

ФРАГМЕНТ *зат.* Тексттин, музыкалык чыгарманын ж. б. үзүндүсү, бөлүгү.

ФРАЗЕОЛОГИЯ *зат.* Тилдеги туруктуу сөз айкалыштары.

ФРАКЦИОНЕР *зат.* Белгилүү бир фракциянын мүчөсү, анын катышуучусу.

ФРАКЦИЯ *зат.* Саясий партиянын жалпы линиясына макул болбогон, жактабаган, андан өзгөчөлөнгөн көз карашта болуп, партияга каршы күрөшкөн, бирок анын катарында болгон өзүнчө топ, партиядагы негизги массадан өзүнчө бөлүнүп алган группировка.

ФРАНК *зат.* Франция, Бельгия, Швейцария ж. б. сыяктуу мамлекеттердеги акча бирдиги.

ФРОНТ *зат.* 1. Согуш жүрүп жаткан майдан, душманга бет мандайлаш, тылга карама-каршы келген стратегиялык район. *Мыкты уулдар фронтто эркиндик үчүн күрөшкөн кез* (Сыдыкбеков).

2. Мамлекеттик, коомдук иштердин айрым тармагы, сферасы. *Маданий фронт. Идеологиялык фронт.*

ФРОНТОВИК *зат.* Фронтто, согуш майданында душман менен салгылашкан жоокер.

ФРОНТТУК *сын.* Фронтко таандык, фронтто болгон. *Өлбөй фашист кете албас, Фронттук эрлер колуңдан* (Нуркамал).

ФУНКЦИЯ *зат.* 1. *мат.* Башка бир чоңдуктун өзгөрүлүшүнө ылайык өзгөрүп туруучу өзгөрүлмөлүү чоңдук.

2. *биол.* Организмдин тиричилигине байланыштуу дене мүчөлөрүнүн аткарган кызматы, жумушу. *Калкан безинин функциясы.*

3. Милдет, белгилүү иш милдетинин, милдеттүүлүктүн чөйрөсү. *Мындай иштер менин функцияма кирбейт, тиешелүү жакка кайрылыңыз! — деп койду инспектор* («Ала-Тоо»). *Илик жөндөмөсүнүн функциясы.*

ФУНТ *зат.* Кээ бир өлкөлөрдөгү акча бирдиги.

ФУРАЖКА *зат.* Көбүнчө күзүндө, жазында кийилүүчү мандайында калканчы бар эркектин баш кийими.

ФУРГОН *зат.* Чүмбөттүү, жабык араба же машина.

ФУТБОЛ *зат.* Эки командадан турган каршы тараптагылар бири-биринин дарбазасына топ тээп киргизүү аракетин жасап, белгилүү эреже менен ойнолуучу спорттук оюн.

ФУТБОЛИСТ *зат.* Футбол командасында ойноочу адам, футбол оюнчусу. *Фрунзелик «Алга» командасынын футболисттери.*

ФУТБОЛЧУ футболист менен бирдей.

ФУТУРИЗМ *зат.* Искусстводо, адабиятта XX кылымдын башында пайда болуп, реализмди четке кагуучу жана эски искусствонун бардык традициясын, ыкмаларын кыйратып жоготууга тийиш

болгон жаңы стилди түзүүгө аракеттенген формалисттик багыт.

ФУТУРИСТ *зат.* Футуризмди жактоочу.

ФУФАЙКА *зат.* 1. Свитер сыяктуу жылуу сокмо көйнөк.

2. Пахта, жүн салып шырылган кыска, жылуу сырт кийим. *Ал кара фуфайкасын желбегей жамынып жылаң баш турду* (Байтемиров). *Шырылган чолок фуфайкасын кыңай курчанып, сары кайыш мээлейи белине кыстарылган* (Сыдыкбеков).

Х

ХА: ха-ха *сырд.* Каткырып күлүүдө колдонулат. *Ха!.. Ха!.. Ха!.. Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун!* (Турусбеков).

ХАЙЫР кайыр менен бирдей.

ХАЛАТ *зат.* 1. Көбүнчө азиялык элдердин бүчүлүк же топчулуксуз жасалып, эки өңүрү кымтыланып кийилүүчү сырт кийими.

2. Үйгө же кызмат убагында (өндүрүштө) кийилүүчү жеңил, жука кийим. *Жанында оорулардын көз айырбай Ак халат сестралар карап турат* (Шүкүрбеков).

ХАЛВА *зат.* Майдаланган жаңгакка, май чыгуучу айрым өсүмдүктөрдүн уругуна ж. б. ар кандай башка нерселерди кошуп жасаган кондитер азыгы.

ХАЛИФ *зат.* Араб өлкөлөрүндөгү мусулмандардын XIII кылымга чейинки жогорку акими, башкаруучусу жана египеттик, турциялык султандардын титулу.

ХАЛИФАТ *зат.* Халиф башкарып турган диний-саясий уюм, мамлекет.

ХАЛТУРА *зат.* Жүр нарыга салып, иштин маанисин түшүнбөй, сапатсыз жасалган иш.

ХАЛТУРАЛЫК *сын.* Жүр нары кыла саган, халтура менен бүтүрүлгөн, сапатсыз.

ХАЛТУРЩИК *зат.* Жүр нарыга сала коюучу, ары-бери бүтүрө коймо, ишти сапатсыз аткарган киши.

ХАН *зат.* Кээ бир түрк жана монгол элдеринде бийлөөчү укукка ээ болгон князь, монарх, кан. *Сынга толгон баланы Хан көтөрүп алалы* («Эр Табылды»). *Биздин жерде эми «бай» деген, «хан» деген болбойт* (Баялинов).

ХАНДЫК *зат.* Хандын бийлик абалы, хандын бийлиги.

ХАНША *зат.* Хандын аялы.

ХИМИК *зат.* Химия жагынан специалист жана химиялык өндүрүш жайынын кызматкери.

ХИМИКАТ *зат.* Химиялык жолдор менен даярдалып, ар кандай максаттарга керектелүүчү заттар.

ХИМИЯ *зат.* Заттардын ички составын, материянын ички түзүлүштөрүн, заттардын сапаттык өзгөрүштөрүн, ошол аркылуу жаңы заттардын келип чыгуу, пайда болуу закондуулугун ж. б. касиеттерди изилдөөчү илим. *Органикалык химия. Органикалык эмес химия. Химия окуу китеби.*

ХИМИЯЛАШТЫР *этиш.* Химиянын жетишкендиктерин эл чарбачылыгынын бардык тармактарына кеңири түрдө киргизүү.

ХИМИЯЛАШТЫРУУ химиялаштыр этишинин кыймыл атоочу.

ХИМИЯЛЫК *сын.* Химияга таандык. *Химиялык элементтер. Заттардын химиялык составы.*

ХИНИН *зат.* Хина жыгачынын кабыгынан жасалып, дары катары колдонулуучу даамы ачуу ак порошок.

ХИРУРГИЯ *зат.* Оруларды операциялоо менен айыктыруу ишин жүргүзүүчү медициналык бөлүм.

ХИРУРГИЯЛЫК *сын.* Хирургияга таандык.

ХЛОР *зат.* Санитарияда дезинфекциялоочу дары катары, согушта ууландыруучу зат катары колдонулуучу химиялык элемент, тумчуктургуч газ.

ХЛОРОФИЛЛ *ат.* Өсүмдүктүн жалбырагын жана башка органдарын жашыл түскө киргизе турган жана өсүмдүктүн углеродду өзүнө сиңирип алышына жардам бере турган зат.

ХОЗРАСЧЁТ *зат.* Социалисттик ишкананын, өндүрүштүн чарбачылыгын мамлекеттик бюджеттин каражаттарына таянбастан, өз чыгымын пландуу түрдө өзү көтөрө алуусуна негиздеп жүргүзүү методу.

ХОККЕИСТ *зат.* Хоккейде ойноочу спортсмен, хоккей оюнчусу.

ХОККЕЙ *зат.* Муз үстүндө коньки тээп жүрүп, иймек баштуу таякча менен кичинекей топту же шайбаны кубалап чаап ойноо турган спорттук оюн.

ХОЛЕРА *зат.* Ички организмдин кызматын бузуп кустуруучу, ич өткөрүүчү жугуштуу, эң коркунучтуу оору.

ХОР *зат.* Кандайдыр бир вокалдык чыгарманы бир мезгилде аткаруучу ырчылар коллективи жана ушундай коллектив аркылуу аткарылуучу вокалдык чыгарма (ыр).

ХОРДА *зат.* Айлананын, тегеректин эки точкасын туташтыруучу түз сызык.

ХОРМЕЙСТЕР *зат.* Хорго жетекчилик, дирижёрлук кылган адам.

ХОРЕОГРАФИЯ *зат.* Бийлерди, балеттик спектаклдерди коюунун, анын композициясынын искусствосу.

ХРАМ *зат.* 1. Кудайга сыйынууга, диний ырым-жырымдарды өткөрүүгө арналган имарат, чиркөө.

2. *өт.* Кандайдыр бир белгилери, себептери боюнча касиеттүү, салтанаттуу болуп

эсептелген жай (жогорку окуу жайы, илимий мекеме).

ХРЕН *зат.* 1. Тамыры тамак-ашка салына турган кайчылаш гүлдүү чөп өсүмдүгү.

2. Ошол өсүмдүктүн ачуу тамыры жана андан тамак-ашка салуу үчүн жасалган татымал.

ХРЕСТОМАТИЯ *зат.* Тандалган чыгармалардан же алардын үзүндүлөрүнөн түзүлгөн жыйнактуу окуу куралы.

ХРИСТИАН: христиан дини — мифтик (чындыкта болбогон) Иисус Христостун атына сыйынууга негизделип, биздин эранын I кылымында пайда болгон дин.

ХРОМ I *зат.* Күмүш түстүү жылтырак катуу металл, химиялык элемент.

ХРОМ II *зат.* Хром металлынын туздары менен ийленген жука, жумшак булгаары. *Хром өтүк.*

ХРОНИКА *зат.* 1. *тар.* Окуяларды хронологиялык ирет боюнча жазуу, летопись.

2. *ад.* Коомдук, үй-бүлөлүк окуялардын тарыхы жазылган адабий чыгарма.

3. Газетанын, журналдын күндөлүк турмуш окуялары жөнүндөгү бөлүмү жана ушундай окуяларды көрсөткөн фильм.

ХРОНОЛОГИЯ *зат.* Окуялардын убакыт, мезгил тартиби боюнча берилген ирети.

ХРОНОЛОГИЯЛЫК *сын.* Хронологияга таандык.

ХРУСТАЛЬ *зат.* 1. Жарыкты көбүрөөк сындырып чагылдырууга жөндөмдүү келген, өзгөчө жаркырап көрүнгөн жогорку сапаттагы айнек.

2. Ошол айнектен жасалган буюм.

ХУДОЖНИК *зат.* Сүрөттөө искусствосунун (живопись, графика, скульптура) тармагында иштеген, искусствонун ушул түрү боюнча чыгармаларды жараткан киши. *Республикада кыргыз художниктеринин катарлары өстү („Коммунист"). Художниктердин чыгармаларындагы орундун көбүн пейзаждык сүрөттөр ээлейт* («Ала-Тоо»). *Жакшы художник — элдин сыймыгы* (Каимов).

ХУЛИГАН *зат.* Коомдук тартипти бузган, хулигандык кылган адам.

ХУЛИГАНДЫК *зат.* Коомдук тартиптин эрежелерин, жалпыга алгылыктуу болгон жүрүш-туруш нормаларын бузгандык, адамгерчилик сапатты сыйлабагандык.

ХУРАЛ *зат.* Монгол Эл Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарынын наамы.

ХУРМА курма менен бирдей.

ХУТОР *зат.* 1. Ээлеген кожоюндун короо-жайы, бак-дарагы менен кошо башкалардан обочолонуп, өзүнчө бөлөк турган жер участогу.

2. Украинада, Донду жана Кубанда дыйкандар турган кичирээк кыштак.

Ц

ЦЕЛЛОФАН *зат.* Целлюлозадан иштелип чыккан суу өткөрбөс, тунук түстөгү жука материал.

ЦЕЛЛЮЛОЗА *зат.* Кагаз, жасалма жибек, киноплёнка, жарылма заттар ж. б. даярдоо үчүн кээ бир өсүмдүктөрдүн сабагынан, жыгачтын сөңгөгүнөн химиялык жол менен иштетилип алынган зат.

ЦЕМЕНТ *зат.* Суу менен аралаштырганда жабышып, тез ката турган массага айлануучу жана курулуш ишинде колдонулуучу порошок сыяктуу минералдык зат.

ЦЕМЕНТТЕ *этиш.* Цемент менен шыбоо, бекитүү.

ЦЕМЕНТТЕЛ. цементте этишинин туюк мамилеси.

ЦЕМЕНТТЕТ цементте этишинин аркылуу мамилеси.

ЦЕМЕНТТӨӨ цементте этишинин кыймыл атоочу.

ЦЕНЗОР *зат.* Чыгармаларды цензуралоочу кызматкер.

ЦЕНЗУРА *зат.* 1. Басылып чыгууну, сахнага коюлууну ж. б. чыгармаларга мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлгөн кароо.

2. Ушундай кароолорду жүргүзүп турууну мекеме.

ЦЕНЗУРАЛА *этиш.* Цензура кылуу, цензура жасоо, жүргүзүү.

ЦЕНЗУРАЛОО цензурала этишинин кыймыл атоочу.

ЦЕНТНЕР *зат.* Жүз килограммга барабар болгон оордук өлчөмү.

ЦЕНТРАЛИЗМ *зат.* Жергиликтүү мекемелерди борбордоштурган башкаруу, уюштуруу системасы. *Демократиялык централизм.*

ЦЕХ *зат.* 1. Өнөр жай ишканаларында өндүрүштүн белгилүү бир продукциясын иштеп чыгаруучу тармак, бөлүк.

2. Ошондой тармактар, бөлүктөр орношкон жай. *Сагынбек адегенде фабриканын бычуу цехинде мастер болуп иштеди* (Сасыкбаев). *Мебель цехинде.. жаңы конвейердик линия монтаждалып ишке киргизилген* («Советтик Кыргызстан»).

ЦЕХТИК *сын.* Цехке тиешелүү, цехке таандык. *Цехтик комитет. Цехтик чогулуш*

ЦИВИЛИЗАЦИЯ *зат.* Коомдук өнүгүштүн жана материалдык маданияттын белгилүү бир коомдук-саясий формацияга мүнөздүү болгон өсүш деңгели.

ЦИКЛ *зат.* 1. Белгилүү бир убакыт ичинде кайталанып туруучу кубулуштардын, процесстердин жыйындысы. *Өндүрүштүк цикл. Жалбыректардын өнүгүш цикли.*

2. Бир-бири менен байланыштуу болгон процесстердин, көрүнүштөрдүн, ара-

кеттердин ыраттуу тартипке келтирилген жыйындысы. *Тарых жөнүндө окулуучу лекциялар цикли.*

3. Илимдердин, дисциплиналардын кандайдыр бир жалпы принцип боюнча бириктирилген тобу. *Тарыхый илимдердин цикли.*

ЦИКЛОН *зат.* 1. *метеор.* Атмосферанын катуу куюндуу, кара нөшөрлүү, алайдүлөй түшкөн кыймылы.

2. Бороон-чапкын.

ЦИКЛОП *зат.* 1. Грек мифологиясында айтылуучу мандайында жалгыз көзү бар дөө, алп.

2. Сууда жашаган, муунак денелүү жырткыч майда жаныбар.

ЦИНК *зат.* Көгүш ак түстөгү тез иштетиле турган металл, химиялык элемент.

ЦИЛИНДР *зат.* Тик бурчтук өзүнүн бир тарабынын тегерегинде айлануудан пайда болгон геометриялык тело.

ЦИНГА *зат.* Тамакта витаминдердин жетишсиздигинен пайда болуп, тиштин эттерин көптүрүп, канатып, тиштерди бошотуп жиберүүчү оору.

ЦИРК *зат.* 1. Театр искусствосунун акробаттар, гимнасттар, клоундар, үйрөтүлгөн айбандар ж. б. катышуусу менен оюн көрсөтүүчү түрү.

2. Искусствонун ушул түрү боюнча иш алып баруучу мекеме жана анын ушундай оюндарды көрсөтө турган жайы, имараты.

ЦИРКУЛЬ *зат.* Тегерек чийүү же сызыктын узундугун ченөө үчүн колдонулуучу, баш жактары бириктирилген жана кеңитүү, куушуруу үчүн жылдырып турууга ылайыкталган эки буту бар курал.

ЦИСТЕРНА *зат.* 1. Суу, нефть, керосин, бензин өндүү суюктуктар сакталуучу чоң металл идиш.

2. Ушундай суюктуктарды ташууга ылайыкталган автомобиль, вагон.

ЦИТАТА *зат.* Кандайдыр бир тексттен өзгөрүүсүз алынган үзүндү.

ЦИФЕРБЛАТ *зат.* Сааттын же стрелкасы бар башка ченөөчү прибордун бетинде цифралар, жазуулар жана башка белгилер коюлган пластинка түрүндөгү деталы.

ЦИФРА *зат.* Санды туюндуруу үчүн колдонулган белги. *Араб цифрасы. Рим цифрасы.*

Ч

ЧААЛЫ *этиш.* Талыгуу, кубаты кетип алсыроо, алсызданууу. *Талыкпас элем—талыдым, Арстан элем—наалыдым, Чабышып жүрүп чаалыдым* («Сейтек»). *Күүсүнөн кетип кер күлүк Көтөрүм болду, чаалыды* (Осмонкул).

ЧААЛЫГУУ чаалык этишинин кыймыл атоочу.

ЧААЛЫК *этиш.* Чарчоо, көпкө иштөөдөн, узак жүрүүдөн ж. б. талыкшуу. *Канчалык иштеп жатса да, Чаалыкканы билинбейт* (Осмонкул). *Чаалыккан аттардын соорусунан көк буу көтөрүлөт* (Сыдыкбеков).

ЧААЛЫКТЫР чаалык этишинин аркылуу мамилеси.

ЧААР *сын.* 1. Бир беткей темгил ала түс, жол-жол же чыбыр кара бирдей дээрлик аралаша келген түс. *Жолборстой чаар ат менен Жоодон качпас эр немец* («Эр Табылды»).

2. Чечек оорусунан калган так, майда быдыр ала (адамга карата). *Бетинде чаары бар кызыл жигит* (Жантөшев). [*Уруянын*] *бетинде бир аз чаары бар* (Баялинов).

◆ **Ичи чаар** — арамдыгы бар, арамза. *Адамдан кыяр, ичи чаар, Каарданса түсү чаар, Караганда көзү заар* («Манас»). **Көзүнөн чаар чымын учуу** *к.* **чымын. Көзүнөн чаары чыгуу** — ачуусу келүү, каардануу. *Шабыраалынын көзүнөн чаары чыгып, баягыдан бетер жинденди* (Байтемиров).

ЧААРАКЕР чайракер менен бирдей.

ЧААРДА *этиш.* Чаар кылуу, чаар түргө келтирүү, чаар түс берүү *Бетин чаардап койгон тактай.*

ЧААРЧЫК *зат.* Эликтин баласы. [*Абаз*] *төмөн караса, кичинекей коктунун тескей багытында чаарчыгы менен бир элик оттоп жүрөт* (Таштемиров).

ЧАБААГАН чабаган менен бирдей.

ЧАБАГАН *зат.* Кабар берүүгө жиберилген адам. *Атантай .. жан таслим болор менен эле туш-тушка чабаган кетти* (Сыдыкбеков).

ЧАБАГАНДА *этиш.* Кандайдыр бир кабар менен же башка жумуштар менен шашылып чапкылоо, тез, шашылыңкы аракетте болуу.

ЧАБАГАНДАТ чабаганда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАБАГАНДОО чабаганда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБАГАНЧЫ чабаган менен бирдей.

ЧАБАДАН чемодан менен бирдей.

ЧАБАК I *зат.* Майда балык. *Ойнобосо жаш чабак, Көлдүн көркү болобу?* (Бөкөнбаев). *Чабагы четте суурулуп, Балыгы тайдай түйлаган* (Тоголок Молдо).

◆ **Май чабак** — карп балыктарынын тукумуна кирүүчү майда балык. **Ит чабак** — карп балыктарынын тукумуна кирүүчү, сыртында кабырчыгы жок, жука терилүү, тузсуз сууда жашоочу майда балык. **Чабак уруу** — колу-буттун аракети менен суудa сүзүү. *Күмүш канат балыктай, Көлгө чабак уралы* (Үмөталиев).

ЧАБАК II *зат.* 1. Арабанын дөңгөлөгүнүн күпчөгү менен алкагын бириктирип туруучу таякчалар.

2. Устундардын үстүнөн салынуучу туура жыгач. [*Сууcамырга*] *эки бөлмөлүү бир үй тургузуу үчүн, эң жок дегенде эки устун керек, чабактарын болсо эптеп жеткиребиз* (Байтемиров).

3. Жүн сабоо үчүн колдонулуучу сабоодон ичкерээк таякча.

ЧАБАЛ *сын.* Алсыз, күчсүз, начар. *Чабал десем Табылды, Баатыр болгон турбайбы* («Эр Табылды»). *Бергенин алган—жамандын иши, ичкенин кускан — чабалдын иши* (макал).

ЧАБАЛАКТА *этиш.* Алдастоо, тынчы кетүү, көбүнчө денеси ысып чыдай албай тынчсызданууу. *Таң атарда* [*Кенженин*] *эти оттой ысып, чабалактады* («Жаш ленинчи»).

ЧАБАЛАКТАТ чабалакта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАБАЛАКТОО чабалакта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБАЛДЫК *зат.* Алсыздык, күчсүздүк, начарлык. [*Жылдызкан*] *өткөн жылы пахта терүүдө жаштык, чабалдык кылган* (Байтемиров).

ЧАБАЛЕКЕЙ *зат.* Учтуу ичке канаты бар, ылдам учуучу кичинекей келгин куш. *Чабалекей ир алды Уя салат дубалга, Балапаным учса дейт, Жем болбостон жыланга* (Үмөталиев).

ЧАБАН *зат.* Белгилүү бир сандагы койлор бекитилип берилип, алардын багылышына, төлдөшүнө ж. б. жооп берүүчү киши, койчу. *Жаш чабан Дадыбаев 350 койдон 400 дөн ашык козу алып, аман сактап.. калды* («Коммунист»). *Кой кайтарган чабандар, Коротпой койду багалы, Бакты сыймык болот да, Малыбыздын аманы* (Осмонкул).

ЧАБАНДЕС *зат.* Мыкты улакчы, улак тартууга маш киши; атка жүрүүгө абдан машыккан киши. *Мергендер жамбы атышып, Чабандес улак тартышып* («Манас»).

ЧАБАНДЕСТИК *зат.* Улак тартууга, атка жүрүүгө машыккандык. — *Эй, Жумаке ай.. Менин атка чабандестигимди билбейсиңби!* (Жантөшев).

ЧАБАНДОЗ чабандес менен бирдей.

ЧАБАР *зат.* Чабарман, кабар жеткирүүчү. *Бүгүнкү барган чабардан Дайындуу кабар салыңыз* (Аалы). *Жүрүп калды эзэрчип барган чабарын* (Аалы).

◆ **Бетке чабар** — сөздү, бирөөнүн кемчилигин чайманбай тике бетине айткан. *Бетке чабар, тайманбастыгы* [*Бакаевдын*] *мыкты сапаттары* (Бейшеналиев).

ЧАБАРМАН *зат.* 1. Кабар берүүчү, кабар жеткирүүчү адам. *Жакшы ат минген чабарман ал жерге бир жарым саатта барып келиши мүмкүн* (Абдукаримов). *Чабармандан кеп угуп, Алмамбет келди деп угуп* («Манас»).

2. Мекемелерде, ишканаларда иш кагаздарын ж. б. ташып жүрүүчү адам. *Чоң жол менен төмөн кеткен киши колхоз-колхозго чакыруу кагазын жеткирип жүргөн чабарман экен* (Сыдыкбеков). *Жапар.. контордон чыга берерде, чабарман карыя келип ага бир кат берди* (Баялинов).

3. Ат чабуучу, атка тың жүрүүчү. *Ат чабарман балдарың артынан түшүп чубасын* (Жантөшев).

ЧАБДАР *сын.* Жал-куйругу агыш келген жээрде (жылкыга карата). *Оюн салып бойтондоп, Оюнкарак чабдар тай* (Үмөталиев).

ЧАБИЕКЕЙ чабалекей менен бирдей.

ЧАБУУ I *зат.* 1. Жука чурайга жакын каптал бөлүк.

2. Кийимдин учасы менен өңүрүнүн ортосуна келүүчү кийринди; өңүр менен учанын кошулган жери. *Сур шинелдин чабуулары дирилдеп, Гранатты шилтегенин билдирет* (Аалы).

ЧАБУУ II чап IV этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБУУЛ *зат.* 1. Ат коюу; душманды талкалоо, артка сүрүү максатында аскерлердин алга карай активдүү качырып кириши, атака. *Чабуул күн чыга башталды* (Баялинов).

2. *өт.* Чечкиндүү аракет. *Устү-баштары боз ала чаң кишилер эмгектин чоң чабуулун баштоочудай* (Сасыкбаев).

◆ **Кара чабуул** — 1) өтө тез жүрүш, чапкылаган ылдам жүрүш. *Мурункудай кара чабуулга салбай аттарды теминише зыпылдатып бастырып баратышат* (Жантөшев); 2) байгесиз ат чабыш. *Ырысы жоктун аты кара чабуулда жүгүрөт* (макал).

ЧАБУУЛДА *этиш.* Шашкалаңдап катуу жүрүү, бет алды чапкылап катуу жүрүү. *Мал айдап балдар, абышка, Туш-тушунан чабуулдап* (Маликов).

ЧАБУУЛДОО чабуулда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБЫК *зат.* 1. Эгин, чөп ж. б. чабуу процесси. *Мына жаңы орук, чабык, Жыйнаш иши башталды* (Аалы). *Чөп чабык жаңы башталганда, фронттон бир жарадар аскер кайтып келди деген кабар угулат* (Айтматов).

2. Чөбү чабыла турган жер, чабынды.

3. Өсүмдүктүн арасындагы чөптөрдү чаап, түбүн жумшартуу процесси. *Жүгөрүнүн биринчи чабыгы. Эки чабыктан өткөн жүгөрү.*

ЧАБЫНДЫ *зат.* Чөбү чабыла турган жер, чабык. — *Чабынды менен жоолукчасын булгалап бара жаткан Жамиланы көрүп, менин да көңүлүм ачылды* (Айтматов).

ЧАБЫРА *зат.* Чырпыктан токулган чоң корзина, себет.

ЧАБЫТ *зат.* Жем, азык издеп чыгуучулук. *Ийри тумшук куштардын чабыт мезгили башталды* (Аалы). *Кекске карышкыр күндүз уктап, уйкусун кандырып алып, чабытка түндө чыкчу болду* (Каимов).

ЧАБЫТТА *этиш.* 1. Жем, азык издеп жөнөө, чабытка чыгуу. *Аскадагы бүркүттөр Чабыттады зыркырап* (Аалы). *Чабыттап жем издеген ак барчындар* (Осмонов).

2. *өт.* Көз жүгүртүү, байкоо. [*Мергенчи*] *мылтыгын алдына бош өңөргөн ка-*

лыбында эки жак бийиктерге чабыттай келе жатты (Сыдыкбеков).

ЧАБЫТТАТ чабытта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАБЫТТОО чабытта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБЫШ I *зат.* Союл, камчы ж. б. менен салгылашкан уруш, кармаш. *Уурулар менен Каныбектин ортосундагы чабыш узакка созулду* (Жантөшев).

ЧАБЫШ II *зат.* Ат жарышы. *Кара аламан чабышта кайсы экени билинбейт* (Тоголок Молдо).

ЧАБЫШ III чап IV этишинин кош мамилеси.

ЧАБЫШТЫР *этиш.* Аралаштыруу, ысык суу менен муздак сууну аралаштыруу.

ЧАБЫШТЫРУУ чабыштыр этишинин кыймыл атоочу.

ЧАБЫШУУ чабыш IV этишинин кыймыл атоочу.

ЧАГАРАК *зат.* 1. Боо өткөрүү же кулпу салуу үчүн металлдан жасалган тегерек алкак, төнөлүк. *Жел боо байлай турган чагарактарына күмүш чаптырып, соот куйдурган* (Аалы). *Күмүштөн каргы чаптырып Жез чагарак тактырып* (Токтогул).

2. Ийилген, имериңки абалда болуучулук. *Чагарак күйрук.*

ЧАГАРАКТА *этиш.* 1. Чагарак салуу.

2. Чагарак сыяктанып имерилген, булгаланган абалда болуу (мис., иттин күйругу).

3. *өт.* Бой көтөрүү,менменсинүү; чакчырылуу. *Кытмыр бай үшкүрүнүп ыңгыранат, Сагынат жүргөн күнүн чагарактап* (Аалы).

ЧАГАРАКТАТ чагаракта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАГАРАКТОО чагаракта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАГУУ чак этишгеринин кыймыл атоочу.

ЧАГЫЛ 1. чак IV этишинин туюк мамилеси.

2. Нур, жарык экинчи бир нерсеге түшүп кайтуу, жаркылдоо. *Канаты күнгө чагылып, Учканын кара ак куунун* (Бөкөнбаев). *Күзгүдөй тунук Ысык-Көл, Күн нуруна чагылган* (Нуркамал).

3. Чагылган жарк-журк этүү. *Күн катуу күркүрөп келип, чагылган чагылды* (Жантөшев).

◆ **Көзүнөн от чагылуу** — кандайдыр бир жерин катуу уруп оорутуп алганда көз алдында учкун пайда болгондой сезимде боло түшүү. *Бир жолу тиземди ташка уруп алдым эле, көзүмөн от чагыла түштү* (Сыдыкбеков).

ЧАГЫЛГАН *зат.* 1. Жаан-чачын мезгилинде абада жыйналган электр заряддарынын бири-бирине кошулуусунун натыйжасында тарс-тарс эткен үн чыгарып, жарк-журк эткен көрүнүшү, кубулушу. *Аңгыча чагылган чагылып, кара нөшөр куйду* (Жантөшев). *Кайрадан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов).

2. *өт.* Өткүр, курч. *Буркананат кызуу кайрат, Булар — жанган чагылган* (Бөкөнбаев).

ЧАГЫЛДЫР чагылт менен бирдей.

ЧАГЫЛТ чагыл этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАГЫЛУУ чагыл этишинин кыймыл атоочу.

ЧАГЫЛЫШ I *зат.* Нурдун, жарыктын экинчи бир нерсеге чагылып, жаркырап көрүнүшү. *Күндүн кечки чагылышы көлдүн бетин жалтыратып жээкте калган келиндин сөлөкөтү да улам кичирүүдө* (Сыдыкбеков).

ЧАГЫЛЫШ II чагыл этишинин кош мамилеси.

ЧАГЫМ *зат.* Кайраштырган ушак, жалаа, бирөөнү жамандагандык, кайраштыргандык. *Бөөдө чагым бөлөккө жетпес* (макал). *Чагым өлтүрөт, мактоо жеткирет* (макал). *Чагым сөздөр менен уулу Карабекти Айдарбек бүгүн Ош өзүнүн алдына жиберген имиш* (Жантөшев).

ЧАГЫМДА *мод.* Болжолу, сыягы. *Чагымда, алардын айласы кетип турушат көрүнөт* (Жантөшев).

ЧАГЫМЧЫ *зат.* Чагым сөз айтуучу. *Сен мени чагымчы деп ойлойсуңбу?..* (Абдукаримов).

ЧАГЫМЧЫЛЫК *зат.* Чагым кылуучулук, чагым сөз айтуучулук.

ЧАГЫН *сын.* Анча көп эмес, ылайык келерлик, жетишерлик. *Өзүнө чагын малы бар.*

ЧАДЫРАЙ *этиш.* Чардаюу, курсак чыңала чыгып туруу. *Чадырайган курсак.*

ЧАДЫРАҢАЙ *сын.* Чадырайган, челкегей.

ЧАДЫРАҢДА *этиш.* Челкейген, чадырайган көрүнүштө, кыймыл-аракетте болуу.

ЧАЙ *зат.* 1. Дайыма көгөрүп туруучу бадал өсүмдүгү жана анын атайын жолдор менен кургатылып, кайнатып ичүүгө ылайыкталып иштетилген, буркураган жыты бар жалбырагы, иштетилип чыккан продуктысы. [*Куржундун*] *бир көзүнөн эки кагаз чай чыкты* (Жантөшев).

2. Ушундай жалбыректан кайнатылып, шireси чыгарылган суюктук (суусун). *Кары кемпир-чалдарга Кант салган кара чай кызык* (Токтогул).

3. Көбүнчө коноктогондо, сыйлаганда берилүүчү тамак-аш. *Чайга чакыруу. Айылапаны чакырып чай берүү.*

◆ **Чай-пай**—жалпы эле тамак-аш, көбүнчө чай да катышкан жеңилирээк тамак-аш. *Карып, үйгө кирип чай-пай ичип кетсең боло* (Абдукаримов).

◆ **Куурма чай** — унду майга кууруп, ага сүт, суу жана кайнатылган чай кошуп даярдалган суюк тамак. **Таш чай** — чайдын жалбыректарынан уютулуп, жалпак, төрт чарчы кылып чыгарылган чай. **Көк чай** — жыттуу, кайнатканда саргыч жашыл түс берүүчү, ачуу даамы бар чайдын бир түрү. *Энемдин айтуу боюнча көк чайды ачуу кылып демдеди* (Жантөшев). **Чай кайнам**—чай кайнагычакты убакыт, анча-

лык көп эмес убакыт. *Бал кымызын сабаларга ачыткан, Ичсең ичти чай кайнамда кызыткан* (Осмонкул).

ЧАЙДООС *зат.* Чай жана суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы, чоргосу бар идиш. *Акыл аке сөзүн токтотту да, узун моюн чайдооско көк чай салып, оттон оолагыраак тартып.. койду* (Аалы).

ЧАЙКА *этиш.* 1. Суюктукту чайпалтуу жолу менен аралаштыруу, чайпоо. *Чанатын булуңдары тирсийип, күлдүрт-күлдүрт чайкаганда, ууз кымыздын жыты бур дей түштү* (Сыдыкбеков). *Кетменди алып четинде, Эмгекчи жарма чайкаса* (Бөкөнбаев).

2. Чайып тазалоо, чайпай жуун таза кылуу. *Отурат тунук сууга жүзүн чайкап, Келбети ажарданат айдай толук* (Абдыраманов). [*Заматта*] *идиштерди чайкап жиберип, тумбочкага салып койдум* (Касымбеков).

3. Чайпоо жолу менен каптоо. *Биринбири кубалап келип.. кум чайкаган майда толкун* (Сыдыкбеков). *Түрмөктөлүп кум чайкап, Буйгаларга бурулган* (Тоголок Молдо).

4. «Жок» же «билбейм» деген мааниде башты кыймылдатуу, баш ийкегенге карама-каршы аракет кылуу. *Жакып башын чайкап, угулаар угулмаксан кобурады* (Бейшеналиев).

◆ **Жумуртка чайкап куш кылуу** — тарбиялап чыгаруу, өстүрүү. *Жумуртка чайкап куш кылган, Журтуңа тийсин керегиң* (Бөкөнбаев). *Жумуртка чайкап чоң кылган, Чубалай көрпө тон кылган* («Эр Табылды»). **Калк чайкоо** — калктын тынчын алуу. *Калабалуу канкорум, Калк чайкаган анткорум* («Манас»). **Кесир чайкоо** — кесир кылуу, кесирленүү. *Кел, дыйкандар, керилбейли, жатпайлы, Кесир чайкап, төкпөйлү да чачпайлы* (Осмонкул).

ЧАЙКАЛ **чайка** этишинин туюк мамилеси.

ЧАЙКАМА *зат. диал.* Ак кирлерди чайкоодо колдонулуучу көк боёк. *Кире берер жерден баарыбызга ак жуулган, чайкамага чайкап, жеткире таптөлган бирден эндей ак жамынчы кийгизди* (Убукеев).

ЧАЙКАН **чайка** этишинин өздүк мамилеси.

ЧАЙКАНА *зат.* Чай жана тамак-аш ичилүүчү жай. *Станциянын артындагы чайканада адам көп* (Жантөшев). *Чайкананын төрүндөгү чарпаяда жыйырмадай киши отурат* (Жантөшев).

ЧАЙКАНАЧЫ *зат.* Чайканада иштөөчү адам. *Чайканачы бир чайнек чай алып келди.*

ЧАЙКОО **чайка** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЙКООЧУ *зат.* Алып сатар, бирөөнөн алып башка бирөөгө сатып, пайда табуучу соодагер. *Атам чайкоочу эле, базардан калбайт, аны эзрчип мен да калбайм* («Ала-Тоо»).

ЧАЙКОР **чайчыл** менен бирдей.

ЧАЙЛА *этиш.* 1. Толуп каптоо, жалпы каптоо; жапырт өсүү. *Беде чабуктан кийин кыйла чайлап калыптыр, күрпөндөй тармал* (Касымбеков). *Арпа, буудай чайлаган, Дыйкандар алыш байлаган* (Касымбеков).

2. Чарчоо, чаалыгып алсыздануу. *Тулпар чарчап, чайлаган Жерге кабар айткамын* («Эр Төштүк»).

ЧАЙЛАТ **чайла** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЙЛОО **чайла** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЙЛЫК *сын.* 1. Бир чай ичүүгө жете турган. *Бир чайлык сүт. Чайлык суу.*

2. Чай-пай, тамак-аш ичүүгө арналган анча-мынча тыйын-тыпыр.

3. *сүйл.* Жолдук кылынган акча.

ЧАЙНА *этиш.* 1. Тамакты же кандайдыр бир нерсени ооздун ичинде майдалоо, тишке салып жаакты кыймылга келтирүү. *Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт* (макал). *Чайнаса балдай татыган, сүр эттен жардам беребиз* (Осмонкул). *Акжал жерди чапчып, ооздугун качырата чайнап, кермеде турат* (Жантөшев).

2. Тиштегилеп эзип таштоо. *Жаңы кирген кара атан Тайлакты чайнап койбосун* (Бөкөнбаев).

◆ **Эки чайнап бир жутуу** — ары-бери, тез эле жок кылуу, жоготуу.

ЧАЙНАЛ 1. **чайна** этишинин туюк мамилеси.

2. Кыйналуу, абдан убара тартуу. *Далай шордуу жүрбөдүбү чайналып* (Турусбеков).

ЧАЙНАМ *зат.* Бир чайноого жетишерлик, аз өлчөмдөгү. *Эки чайнам нан келет, Ар бир күнгө өлчөнүп* (Токтогул).

ЧАЙНАТ **чайна** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЙНАШ *этиш.* Тиштегилешүү, биринбири тиштегилешип алышуу, кармашуу. *Ат алышпайт кежигеден чайнашпай* (Үмөталиев).

ЧАЙНАШУУ **чайнаш** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЙНЕК *зат.* 1. Чай демдөө үчүн колдонулуучу, туткасы жана чоргосу бар көбүнчө фарфор идиш. *Дасторкондун четинде чоң жез чайнек турат* (Жантөшев). *Эркекыз корго койгон ак чайнегин туткуч менен этияттап кармап алып, Жылдызкандын жанына коёт* (Байтемиров).

2. Чай, суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы жана чоргосу бар көбүнчө металл идиш, чөөгүн. *Дасторкондун четинде чоң жез чайнек турат* (Жантөшев).

ЧАЙНОО **чайна** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЙПА *этиш.* 1. Термелүү, ары-бери теңселте козгоо. *Пароход чайпап, термеп келе жатты, Баягы байкуш энем бешигиндей* (Бөкөнбаев). *Алдындагы атакталган жоргосу, Чал көңүлүн алаксытып чайпады* (Токомбаев).

2. Жайпоо. *Чайпай берип кум ширеп, Толкуса жарга урунуп* (Турусбеков).

ЧАЙПАЛ **чайпа** этишинин туюк мамилеси.

ЧАЙПОО чайпа этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЙРЫКЕР *зат. тар.* Бирөөнүн куралшайманы менен анын жеринде жумушун иштеп берип, түшүмдүн бир бөлүгүн алуучу адам. *Сарыбай өзүнүн чайрыкерлерин жана башка кызматкерлерин кош айдалуучу жерлерге бөлүштүрдү* (Бөкөнбаев).

ЧАЙСЫРААК чайчыл менен бирдей.

ЧАЙТТАЙ чайыттай менен бирдей.

ЧАЙЧЫ *зат.* 1. *тар.* Чай кайнатып, чай берүү жагын тейлөөчү киши. *Мен кыздын чайчысы болуп калдым* (Аалы).

2. Чайчыл, чайкор. *Сузак чайканасы демейдегидей кыжы-кыйма, чайчылар чарпаяларга шыкалып калган* («Чалкан»).

ЧАЙЧЫЛ *сын.* Чай ичкенди жакшы көрүүчү, чайды көп ичүүчү.

ЧАЙЫ *этиш.* 1. Жуу, чайкоо. *Мамбеткул пиязды туурап бүтүп, колун чайып, бүкүрөйгөн манжаларын салаалаштырып койду* (Абдумомунов).

2. *өт.* Жылмалоо, жымсалдоо, таза кылып көрсөтүүгө аракет кылуу. *Уятын жуупчаюуга, Актанып даагы сайрады* (Жантөшев).

◆ **Жаш чаюу** — көзүнө жаш алуу, жаш каптоо. [*Назгүл*] *карагат көзүн жаш чайып турса да, күлүмсүрөп тиктеди* (Бейшеналиев). [*Динардын*] *көздөрүнүн кычыктары ачышып, каректерин жаш чайды* (Сыдыкбеков).

ЧАЙЫР *зат.* Карагайдан, өрүктөн ж. б. кээ бир жыгачтардан чыгып туруучу илээшкен, жабышкак зат, желим, дабыркай. *Өрүктүн чайырыдыр деп ал* [*Кален*] *капарына алган жок* («Жаш ленинчи»). *Арчанын майда күкүмү чатырап,.. чайыр жытын бурады* (Абдукаримов).

◆ **Кайырды чайыр кылуу** — жакшылыкты жамандык менен жокко чыгаруу, жакшылыктын аягын жамандыкка айландырып жиберүү.

ЧАЙЫТТАЙ *сын.* Тунук, таза, абдан ачык. *Асман чайыттай ачык* (Баялинов). *Бүгүн күн чайыттай ачык* (Сыдыкбеков). *Айлана чайыттай ачылып мемиреп турат* (Сасыкбаев).

ЧАК I *зат.* 1. Белгилүү бир убакыт, мезгил, кырдаал, учур, кез. *Эми келдим көргөнү Элүүдөн ашкан чагымда* (Калык). *Радиолуу клубдар эл менен жык толгон чак* (Үмөталиев). *Эрмегим комуз колдо ойноп, Ээлигип сайрар чак ушул* (Бөкөнбаев).

2. *грам.* Кыймыл-аракеттин же ал-абалдын мезгилин көрсөтүүчү этиштин формасы. *Өткөн чак. Учур чак. Келер чак.*

ЧАК II *сын.* 1. Чоң да, кичине да болбой туура келе турган, көлөмү жагынан туура, жетишерлик, ылайык. *Бутуңа чакты таба албайсың* (Бейшеналиев). *Булгаары тердик ак токум, Ошол Нарбууданга чак токум* («Манас»).

2. Чакан, кичирээк, азыраак, анчалык эмес. *И, былтыр бизге мынчалык акыл кошууга эски директорубуздун чамасы чак болучу* (Сыдыкбеков). *Бүгүн байлык чети оюлбас бир кендей, Малы жайнап, бир капчыгай чак келбей* (Маликов).

◆ **Чак түш** — күн так төбөгө келген мезгил, чаңкай түш. *Чак түштө өзүм жалгыз постко чыктым, Токойдон алда кандай шыбырт уктум* (Үмөталиев). **Чак келбөө** — 1) тең келбөө, теңдеше албоо. *Өлүп калган Канышың Кирпигине чак келбейт* (Жантөшев); 2) түтпөө, жетишерлик болбоо. *Балдар жарыша иштесе, аларга ылай чак келбей, тигил ташуучуларды шаштырат* (Сыдыкбеков). **Атка жеңил тайга чак** — жеңил-желпи, шамдагай. *Атка жеңил тайга чак Күлүктүгү бар экен* («Эр Төштүк»). **Көөнү же көңүлү чак** — көңүлү куунак, кубанычтуу. *Төрт жигиттин көздөгөнү колунда, көңүлдөрү чак* (Жантөшев).

ЧАК III *туур.* Темир, таш сыяктуу катуу нерселердин бири-бирине урунушуусунан чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Болоттон балкалары чак-чак соккон, Түр жасап эрип жаткан кызыл чоктон* (Бөкөнбаев).

ЧАК IV *этиш.* 1. Таш, сөөк сыяктуу катуу нерселерди уруп, чаап талкалоо, сындыруу, майдалоо. *Ташты чаккан чукулукту көтөрүп, убап-чубап жөнөгөндө караңыз* (Маликов).

2. Жанып уруу, жанып уруп от чыгаруу. [*Каныбек*] *оттук чагып, отунду куусунан сындырып от жакты* (Жантөшев).

3. Ушактоо, жамандоо, чагым айтуу.

4. Датын, муңун козгоп айтуу, чечиле айтуу. [*Кедейлер*] *бир-бирине муңун чагат* (Турусбеков).

5. Тогоп эсептөө. *Эгер койго чаксак, жараган эки кой болот эле* (Жантөшев).

◆ **Ичкилик чагуу** — ичкилик ичкенден кийин ооруп калган сыяктуу өзүн абдан жаман сезип калуу.

ЧАК V *этиш.* 1. Тиштеп туруп уусун жиберүү, талоо (мис., жылан, кара курт, чиркей, ж. б.). — *Э чоң ата, — деди кечүүдөн өткөн соң Динар — жыландар кишини чагат, ээ?* (Сыдыкбеков). *Боз тоголок бургө этин чаккан болчу, Токтогул* (Токтогул).

2. Кээ бир өсүмдүктөр, мис., чалкан, денеге тийгенде дүүлүктүрүү, тызылдатуу.

3. *өт.* Сөөгүнө жеткирүү, жанына батыра сөз айтуу. *Жаман айтып сөз менен, Жандын баарын чагар деп* («Саринжи — Бөкөй»). *Бул сөздөр бектин денесин чалкандай чагып, баш терисин тырыштырды* (Абдукаримов).

ЧАКА I *зат.* 1. Суу ж. б. суюктуктарды куюу, ташуу же сактоо үчүн колдонулуучу, кармагычы бар металл идиш. *Эки чака суу көтөрүп, дарбазадан Айша кирди* (Баялинов).

2. Жез тыйын. *Жалгыз чака пулу жок* (Тоголок Молдо).

ЧАКА II: бала-чака *к.* **бала.**

ЧАКА III: чака-чака *же* **чака-чак, чака-чук** *туур.* Темир, таш сыяктуу катуу нерселерди ургулоодон чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Жарышып балкалар да чака-чака, Тынымсыз эмгек кайнап бака-шака* (Бөкөнбаев). *Жа-*

лындын жана тынымсыз чака-чук эткен дабыштын ичиндеги темирчи ага кандайдыр коркунучтуу болуп көрүндү (Аалы).

ЧАКА IV *этиш.* Чачап кетүү. *Сорду бекем аптыга, Чакап кетип ал козу, Башын чайкап бышкырды* (Аалы). [*Татыбек*] *сөз айталбай муунуп, шилекейине чакады* (Байтемиров).

ЧАҚАЛАЙ *зат.* Беттин же баштын ар кайсы жерлерине тегерек-тегерек болуп, кычыштырып чыга турган жугушту тери оорусу. ..*Музоонун карттанган чакалайын тырмалап, үстү-үстүнө мурдун тартат* (Сыдыкбеков). *Чакалай болгон койлорун, Дарылап баарын эмдеди* (Осмонкул).

ЧАҚАН *сын.* 1. Чак, туура келе тургандай, өзүнө жетишерлик. [*Кемпир*] *боюна чакан тигилген кара баркут кемселинин топчуларын чечип койгон* («Жаш ленинчи»). *Атабайдын оокаты канчалык ашып-ташып кетпеген менен, өз боюна чакан, эл көзүнө кырдуу эле* (Байтемиров).

2. Анчалык чоң эмес, кичирээк. *Кычан болсо чакан балкаларды чаап, тогоо илгич өңдүү майда буюмдарды жасап коёт* (Бейшеналиев). *Шопоктун чакан боз үйүнүн ичи-тышы элге толуп чыкты* (Бөкөнбаев).

ЧАҚАР *сын.* 1. Кыйды, митаам. *Ээси арамза болсо, аты чакар болот* (макал).

2. Чоң. *Чакар короо, аз болгондо он бештей боз үй бар* (Сыдыкбеков).

ЧАҚМАҚ I *зат.* 1. Оттук таш, от чыгарып алууда колдонулуучу таш.

2. Таш, чүкө менен жаат болуп ойнолуучу оюн, топ таш оюну. *Кыздар дөңгө чыгып чакмак ойной башташты. Энесине келсе, чакмактын ташы жок экен* (Бөкөнбаев). *Жагалмай менен турумтай Чакмак алып ойноду* (Тоголок Молдо).

◆ **Чакмак эт** — булчуң эт. *Кара сөндын чакмак эт, Бөрү, түлкү оёт бейм!* («Манас»). *Чакмак этиң чаңачтай, Көкүрөгүң Таластай* (Токтогул). **Көзү ала чакмак болуу** — *к.* **көз.**

ЧАҚМАҚ II *сын.* Төрт чарчы, төрт чарчы формалуу, клетка түрүндөгү. *Чакмак кант. Чакмак сызык.* [*Рақыянын*] *чакмак сызык көк ала көйнөгү.. мүчөсүнө келишимдүү* (Байтемиров).

ЧАҚМАҚТУУ *сын.* Чакмагы бар, биринин үстүнөн бири каршы-терши кеткен төрт чарчы сызыктары бар, клеткалуу. [*Төрдөгү*] *киши чакмактуу жоолук менен терин аарчыды.*

ЧАКТА *этиш.* 1. Чак кылып өлчөө, ченөө, чак түргө келтирүү. *Чоң энеси боюна чактап жасап берген буюм салчу мешогун жонуна токчойто коюп.. көтөрдү эле* [*Абазга*] *жараштыда калды* (Таштемиров).

2. Аша кетпөө, ашырып жибербөө. *Чактап ал дебейсиңби* (Аалы).

ЧАКТАЛ чакта этишинин туюк мамилеси.

ЧАКТОО чакта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҚТЫ *мод.* Кандайдыр сандын айланасында экендигин чамалап көрсөтүү үчүн колдонулат. *Он чакты. Жыйырма чакты.*

ЧАКТЫР чак этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАКЧА *зат.* Жанга алып жүрүүгө ылайыкталып мүйүздөн, металлдан жасалган асмай салгыч, асмай салууга колдонулган кичинекей бөтөлкө. *Мамбеткул күрмөсүнүн чөнтөгүнөн чакчасын алып, Мамбетке сунду* (Каимов).

ЧАҚЧАЙ *этиш.* 1. Көзү тостоё чыгып чакырайып көрүнүү. [*Жоокерлердин*] *бажырайган сүйкүмдүү көздөрүн эч убакта чанагынан чыгуучудай чакчаят деп ойлогон эмесмин* (Каимов). *Арзынын көзү таңдангандыктан чакчая түштү* («Ала-Тоо»).

2. Абдан зарыгуу, тажап, узак күтүү. *Капчыгайдын түзөңчөсүнө жеткиче Акбардын эки көзү чакчайды* (Убукеев). ..*Тээ тетиги жонго жете албай, көзүң чакчаяр — деп, Бейшен Самарга каршы сүйлөдү* (Таштемиров).

3. Уктабоо, уйкусу качуу. *Түн ортосу оop кеткенине карабастан, Жылдызкан көпкө чейин чакчайып уктаган жок* (Байтемиров).

ЧАҚЧАЙТ чакчай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҚЧАҢДА *этиш.* 1. Чакырандоо, көздү чакырайтуу, көздү акырайтуу, акырандоо. «*Кайда-кайда бурут*» — *деп, Чакчаңдаган көздөрү* («Манас»).

2. Акырандаган, менменсинген, ала бармандаган мамиле кылуу. *Чакчаңдап кирип келди. Эл кадырын биле албай, Жүрүптүрмүн чакчаңдап* (Жантөшев).

ЧАҚЧАҢДОО чакчаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҚЧАРЫЛ *этиш.* Чакчаңдаган өкүм мамиледе болуу; менменсине көтөрүлүү. *Бүгүн үйүңдү көчүрүп барып, Ийри-Суугa тик! — деди Балакурман чакчарылып* (Элебаев).

ЧАҚЧАРЫЛУУ чакчарыл этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҚЧАЮ чакчай этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҚЧЕЛЕКЕЙ *такт.* Тартипсиз, иретсиз баш аламан, кымгуут, чаң-тополоң. *Чабышкан жоосу жок туруп, Чакчелекей качышса* («Эр Табылды»).

ЧАҚЧЫГАЙ *зат.* 1. Ар кандай жаныбарлардын үнүндөй үн чыгара алууга (сайрай алууга) жөндөмдүү кичинекей боз чымчык. *Азыр эле туруптайдан качып кутулган чакчыгай таштын конулунан чыга калды* (Аалы). *Чакчыгайы чакылдап, Каргалары какылдап* («Манас»).

2. *өт.* Тапан, такылдак. *Бала эмес эле чакчыгай өзү* (Сыдыкбеков).

ЧАҚЧЫЙ чакчай менен бирдей.

ЧАҚЫЛДА *этиш.* 1. Чак-чак эткен дабыш чыгуу, чак-чак эткен дабыш чыгаруу. *Безеленген мети үндөрү чакылдайт* (Убукеев). *Бир жерде чымды быpт-быpт сайып жатса, экинчи бир жерде сом те-*

мирлер чакылдап, тоодой таштарды кулатып жатат (Элебаев).

2. Чак-чак эткен дабыш чыгарып сайроо, шакылыктоо. *Чакылдаган сагызган, чыркылдаган чымчык жок* (Жантөшев).

3. *өт.* Тартынбоо, тартынбай, үндү бек-бек чыгарып сүйлөө, такылдап сүйлөө. *Шарипке Иранын орусча-кыргызчасын аралаштырып тайманбай чакылдап айтканы, кыз эмес эле булбул сүйлөп жаткандай сезиле баштады* (Бейшеналиев).

ЧАКЫЛДОО чакылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАКЫЛЫКТА *этиш.* Чак-чак этип сайроо, шакылыктоо. *Улам барган сайын таш-таштан кекилик чакылыктап, кулак-мээни алат* (Сыдыкбеков).

ЧАКЫЛЫКТОО чакылыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАКЫР *этиш.* 1. Бир жерге келүүгө же барууга сунуш кылуу, сунуш кылып айтуу. *Чакыргандан калба, өзүң басып барба* (макал). *Бар, кошунаны чакырып келчи* (Байтемиров). *Чакырат күндө бирөө, Касым барат, Ошентип сагынышкан чери тарап* (Осмонов). *Эсеби жок калың той Калк чакырып берди дейт* («Эр Төштүк»).

2. Уюштуруу. *Колхозчулардын чоң чогулушун чакырып туруп эле шайлап алабыз* (Сыдыкбеков).

3. Үндөө. *Уста.. баатыр уландарга дайыма акылын айтып, кеңешин берип, аларды эл таламын көздөөгө чакырат* (Сыдыкбеков).

4. Үн катуу, үн салуу; кыйкыруу. *Күкүгү таңшып чакырып, Көгөргөн дарак-бактарга* (Тоголок Молдо). *Маңдайдан элик бакырат, Тоосунан улар чакырат* (Каралаев). *Тоок бир чакырганда Абылкасым мектепте болду* (Байтемиров).

ЧАКЫРАЙ *этиш.* Көздү акырайта чоң ачуу, көздү алайтып, акырая кароо, тигиле тиктөө. *Көзүн чакырайтып, ызырынып сүйлөгөн Кошой* (Аалы). *Татыбектин үргүлөп турган көзү чакырая түшөт* (Байтемиров). *Көздөрү чакырайып, эшиктен өтөт* (Байтемиров).

ЧАКЫРАЙТ чакырай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАКЫРАҢКАЙ *сын.* Көзү чакырайган.

ЧАКЫРАҢДА *этиш.* Чакчандоо, көздөрүн чакчандатуу.

ЧАКЫРАҢДОО чакыранда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАКЫРАЮУ чакырай этишинин кыймыл атоочу.

ЧАКЫРТ чакыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАКЫРУУ чакыр этишинин кыймыл атоочу.

ЧАКЫРЫЛ чакыр этишинин туюк мамилеси.

ЧАКЫРЫЛУУЧУ *зат.* Аскер кызматын өтөө үчүн чакырыла турган адам.

ЧАКЫРЫМ *зат.* 1. Кишинин кыйкырганда үнү жетерлик аралык.

2. *эс.* Болжол менен бир километр чамасындагы аралык чени. *Кыштактан берки жол эки чакырымдай* [*бар*] (Сыдыкбеков). *Мектеп менен айылдын Арасы он беш чакырым, Китеп кабым асынып, Мен барамын акырын* (Осмонов).

ЧАКЫРЫШ чакыр этишинин кош мамилеси.

ЧАЛ I *зат.* Абышка, карыя, карып калган адам. *Карабек лыпылдаган шайыр чалга карады* (Каимов). *Сакалдын көркү чалда бар, Сулуунун көркү калда бар* (Токтогул).

◆ **Чал-чабыр** — кары-картаң. [*Чалкалмак*] *чал-чабырын жиберип, тандап алып калып Табылды менен кармашайын деди*(«Эр Табылды»).

ЧАЛ II *сын.* Буурул. *Чал сакал. Чал куйрук.*

ЧАЛ III *этиш.* 1. Күрөштө буту менен экинчи кишинин бутун илип жыгуунун аракетин жасоо, илиндирүү. *Каарыма келе түштүм намыс кылып, Бир булкуп бастым жерге чалып туруп* (Үмөталиев).

2. Жипти, узун тилке нерсени ж. б. имере ороо, оролто байлоо. *Минип барган кара бээ, Мамысына чалды эле* («Эр Төштүк»). *Алты жаак айбалта, Билекке кынай чалды эми* («Манас»).

3. Союу; жара тартуу. *Арбагына Манастын Ак боз бээни чалды эми* («Манас»). *Кайран балбан өзүңдү Каман чалып өлтүрдү* (Токтогул).

4. Байкоо, көрүү, чалгындоо. [*Жолой*] *күндүзү бийик кырга, чокуларга чыгып, жол чала баштады* (Жантөшев). *Алдыртан чалып, айылдын сырын билип кайттым* (Сыдыкбеков).

5. Оттоо. *Аттардын шартылдатып чөп чалганы, бышкырыгы, жүгөндөрүнүн шарактаганы күңүрт угулат* (Абдукаримов).

6. Чалгыч же башка бир нерсе менен аралаштыруу, булгалап аралаштыруу. *Сурма сыр аякка кымыз куюп талкандан чалды да, Карымшакка сунду* (Байтемиров).

7. Комуз чертүү, чертиле турган инструментте ойноо. *Келин-кыздын жанында Келтирип комуз чалган кез* (Токтогул). *Толгоп, толгоп күү чалам, Толкундатып үн салам* (Турусбеков).

8. Кабылуу, туш келүү, басуу; чулгап калуу, каптоо. *Булбулум туткун болду деп, Элиңдин жүрөгүн кайгы чалган жер* (Аалы). *Таң серпилип, Жерди жарык чалды* (Сыдыкбеков). *Чокуларын туман чалган кырка тоолор* (Сасыкбаев).

◆ **Торой чалуу** — буттун ич жагынан сыртын көздөй чалуу. *Коюн колтук алуучу, Толорсугун тайдырып, Томуктан торой чалуучу* (Тоголок Молдо). **Кулагы чалуу** — угуу, угуп калуу. [*Ашым*] *алды жакта кобурашкан үндөрдү, аттардын дүбүртүн кулагы чалды* (Каимов). **Тамашага чалуу** — тамашага шоотуу, тамашага буруу. — *Сен сөзүңдү тамашага чалба,— деди ал, тигинин көңүлүң өзүнө буруп* (Сыдыкбеков). **Чалып сүйлөө** — **акцент менен сүйлөө, буруп сүйлөө.** *Кээ үчурларда кай бир сөздү кашкарлыкча чалып сүйлөгөнүң кандай?* (Жантөшев). **Башкага чалуу** — башкага буруу. *Баргын сайын энеси сөздү тереңдетип бараткандыктан*

Татыбек башкага чалды (Байтемиров). **Чынга чалуу** — чынга айлануу. *Шылдыңдар барып чынга чалды* (Турусбеков) **Талкандай чалуу** — чакчелекей түшүрүү, кандайдыр бир ишти баш аламан кылуу. **Ак чалган, көк ала чалган** — чачына же сакалына ак кирген, көк ала сакал болгон. *Ал абышка ак чалган чачтарын жылтылдатып топучан* (Сыдыкбеков). *Ортончусу булардын көк ала сакал чалыптыр* («Эр Төштүк»). **Көтөрө чалуу** — көтөрүп сүйлөө, мактоо. [*Мурат*] *өзүн көтөрө чалып сүйлөгөнүн.. эки кыз тең байкашты* (Байтемиров). **Телефон чалуу** — телефон уруу, телефон аркылуу сүйлөшүү. **Зикир чалуу** — 1) зикир айтуу; 2) *өт.* тынбай үн чыгаруу, бакылдоо. *Түн сакчысы болгонсуп кандайдыр бир жактан зикир чалган бабыргандын үнү угулду* («Ала-Тоо»).

ЧАЛА *сын.* 1. Толук эмес, аягына чейин эмес, жетиле элек, анчалык эмес. *Кай бирин тургансыймын таанып чала* (Үмөталиев). **Чала ачыган бозодон, Ачымал жакшы ун чалган** (Осмонкул).

2. Ырас болуптур, «бу да аздык кылат» деген мааниде табалоо иретинде колдонулат. *Мырзабайдын үйү өрттөнгөндө: «зап гана болду! Аларга бул да чала..!» деп көп кишинин айтканын уктум* (Абдукаримов).

◆ **Чала-була, чала-чарпы, чала-чарпыт, чала-моңол** *же* **чала-бучук** — толук эмес, анча-мынча, аягына чейин эмес, үстүртөн. *Мен.. чала-була шам-шум этип, мектепке чуркадым* («Ала-Тоо»). *Түшүндүрөйүн деген оюмду чала-чарпы айттым* (Жантөшев). *Эргеш гана чала-моңол кат таныйт* (Жантөшев). **Чала жан** — араң эле жаны бар, өтө алсыз, чала өлүк. *Алымкулду аябай сабап, чала жан болгон кезде короосунан сүйрөтүп барып таштады* (Абдукаримов). **Чала кайың — чалагайым** менен бирдей.

ЧАЛАГАЙЫМ *сын.* Ишти аягына чейин аткара албаган, үстүртөн мамиле кылган. *Бирок мен үчүн ал дагы чалагайым бала сыяктанат* (Айтматов).

ЧАЛАП *зат.* Суу кошуп суюлтулган айран, сүзмө. *Мына ич, мен сага чалап даярдап койгом* (Аалы). *Кечинде барып ичелик Артканмуздак чалапты* (Осмонкул).

ЧАЛБАР *зат. диал.* Шым. *Кырк баатырга кырк чалбар Кылып койгон ишим бар* («Манас»).

ЧАЛГАЙ *зат.* 1. Кийимге кыйык кылып кийирип тиге турган тилкеси.

2. Кыйыр, түз эмес, чалгырт, тетири; арамдык, арамзалык. *Чалгайы болгон сөзүндө Айласы келсе чалмак бир болгон өзүмдү* («Манас»).

ЧАЛГАЙЛУУ *сын.* Ою бузук, ичи бузук, арам ойлуу. *Чалгайлуу болсо окустан,.. Атын койгон адамдын Кыйылып башы түз болор* («Сейтек»).

ЧАЛГЫ *зат.* Уч жагы ичин көздөй бир аз ийилген, темирден жасалган, узун жыгач сабы бар көбүнчө чөп чабуу үчүн колдонулуучу курал. *Береги чалгы тарткан келиндер негедир сумсайыңкы күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Сарамжалын шайлашып, Орок, чалгы кайрашып* (Тоголок Молдо).

ЧАЛГЫН I *зат.* 1. Канаттын чет жакты узун бөлүгү, канат. *Жагалмай чымчыкты чалгындарына калкалап,.. тез-тез чокуйт* (Аалы). *Ирмебейсиң, баатыр куш, Канатыңдын чалгынын* (Калык).

2. *өт.* Тирек, жөлөк. *Акылман, алтын чалгыным, Азыркы аркам Семетей* (Аалы).

ЧАЛГЫН II: көк орой чалгын *же* **көк чалгын** — чабынды чөп, өсүп жетилип калган көк чөп. *Көк орой чалгынды көл кечкендей кечип келе жатабыз* (Убукеев). *Көк чалгынга чалдырып, Шибердүү жерге откозгон* (Тоголок Молдо).

ЧАЛГЫН III *зат.* Душман жөнүндө же кандайдыр атайын бир башка маалыматтарды билүү максатында жүргүзүлгөн изилдөө, байкоо аракети. *Чалгынга минсе чарчабас, Канаты бар мал экен* («Эр Төштүк»). *Каныбек жанына эки жигит алып чалгынга өзү чыкты* (Жантөшев).

ЧАЛГЫНДА *этиш.* Чалгын жүргүзүү, атайын бир максат менен байкоо, изилдөө жүргүзүү. *Чалкалмакка барбаймын, Чалгындап жылкы албаймын* («Эр Табылды»). *Чабарман келип чалгындап, Таба албай кеткен чапкылап* (Осмонов).

ЧАЛГЫНДОО чалгында этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛГЫНЧЫ *зат.* Чалгынга чыгып, маалыматтар алып кайтуучу, чалгындап билүүчү, чалгын жүргүзүүчү. *Айланага сакчы коюп, шектүү тараптарга чалгынчы жиберди* (Жантөшев).

ЧАЛГЫНЧЫЛЫК *зат.* Чалгындоо кесиби, чалгын жүргүзүүчүлүк.

ЧАЛГЫРТ чалыр менен бирдей.

ЧАЛГЫЧ *зат.* Аралаштыруурга, суюктукка ун, талкан ж. б. сыяктууларды салып чалуурга ылайыкталып жасалган кичинекей аччалуу жыгач. *Кудукка унду салыптыр Агаласын кетирип, Чалгыч менен чалыптыр* (Тоголок Молдо).

◆ **Кереге чалгыч** — керегелердин баш жагын тарттырып байлоо үчүн жасалган сызма сыяктуу жип.

ЧАЛГЫЧЫ *зат.* Чалгы чабуучу, чөп чабуучу. *Чалгычы аялдар солдун аягына чейин чыгып, кайра тартышты* (Баялинов).

ЧАЛДЫ: чалды-куйду — баш аламан, аркы-терки, иретсиз, быт-чыт. *Кайта ойлонот.. Деги баягы чалды-куйду элестерди жортот* (Жантөшев).

ЧАЛДЫБАР *зат.* Кандайдыр бир бүтүн нерсенин кыйрап, бүлүнгөндөгүсү, кыйрап бүлүнгөн калдыгы.

◆ **Чалдыбары чыгуу** — 1) бузулуу, тамтыгы чыгуу, керектен чыгуу. *Бул үй чалдыбары чыккан эски үй экен* (Бөкөнбаев); 2) айрылуу, тытылуу, эскилиги жетип керекке жарабай калуу.

ЧАЛДЫГУУ чалдык этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛДЫК *этиш.* 1. Кабылуу, кириптер болуу, туш келүү. *Тоозак безгек оорусуна чалдыкты* (Абдукаримов).

2. Бир аз чалына түшүү, дуушар болуу. *Айтбайдын уулу чала-була өткөө чалдыкканы менен аман-эсен калыптыр* (Шүкүрбеков).

3. Көрүнүү, көрүнүп калуу. *Бирок алар топурашып бирөөлөрдүн көзүнө чалдыгышпасын* (Жантөшев).

ЧАЛДЫКТЫР **чалдык** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛДЫР **чал** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛКА: чалкасынан жатуу — аркасын жерге келтирип жатуу, аркасы төмөн караган абалда болуу. *Мен чалкамдан жатып алып, чабак ура баштадым* (Шимеев).

◆ **Чалкасынан кетүү** — 1) аркасы менен жыгылып кетүү, арка жагын карай жыгылып кетүү. *Супахан бакырып, чалкасынан кетти* (Жантөшев); 2) чочуп кетүү, чочуп секирип кетүү.

ЧАЛКАЙ *этиш.* 1. Көкүрөгүн бир аз көтөрө аркасын көздөй ийиле отуруу, бир аз чалкалай түшүү. *Тайдай-Кара да чалкая олтуруп, короодой сыр аякты көтөрүп, кымыз жутуп жаткан* (Сыдыкбеков).

2. Кенен, бир аз чалкак тартуу, жогору жагы кериле жыйылыңкы тартуу. *Мына чалкайган Суусамырдын маңдайтескейи көз алдыга келди* (Каимов). [*Зарыл*] *кыздар болуп сейилге чыгышып, чалкайган төрдө жүрүптүр* (Сыдыкбеков).

3. *өт.* Көтөрүлүү, кекирейүү, бой көтөрүү. *Эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгенче, чалкайганга чалкайгын, төбөң көккө тийгенче* (макал).

ЧАЛКАК *зат.* Кеңири, кериле созулуп жаткан айдөөш жер. *Береги чалкакта жаткан чабдар айгырдын үйрү машинаны көрөр замат дыр берип, үркөн бойдон бетке чыга качты* («Жаш ленинчи»). *Чалкактан жылкы куубасак* («Эр Табылды»).

ЧАЛКАЛА *этиш.* 1. Көкүрөгүн кере артын көздөй ийилүү, чалка жагына кериле кайкалоо. *Жумшак ордунда чалкалай отурган академик Аскарга кадимкидей көрүнөт* (Сыдыкбеков). *Лом көтөрүп чалкалап, Ташты кумдай талкалап* (Осмонкул).

2. Кайкалай тартып көрүнүү, заңкайып бийик, керилген көрүнүштө болуу. *Чалкалап зор Тянь-Шань асман мелжип, Мал жайнап жайлоодогу төр керилди* (Үмөталиев). *Чалкалаган кара тоо, Чатыраган көркүңөн* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Чиренүү, бой көтөрүү, меңменсинүү, көтөрүлүү. *Чалкалап бекер жатпа, Жайсыз жерден конбогун Шашма деген атка* (Шүкүрбеков). *Кедей барса—арыз айтып, Көргүсү келбей чалкалайт* (Барпы).

ЧАЛКАЛАТ **чалкала** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛКАЛОО **чалкала** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛКАН *зат.* 1. Жалбыректарында, сабагында денеге тийгенде тызылдатып чага турган түгү бар, отоо чөпкө кирүүчү өсүмдүк.

2. *өт.* Чагып ала тургандай, уулуу, ийне менен сайып алгандай өткүр. *Бирөө бар сырты жылма, ичи чалкан, Тил менен балыткандын көбү жалган* (Аалы).

ЧАЛКАНЧЫ *зат. сүйл.* Сатиралык «Чалкан» журналынын кызматкери, кабарчысы.

ЧАЛКАР *сын.* Абдан чоң, мелтиреген, мелмиреген. *Айланып казы кетпеген, Айдың чалкар көл кайда?* (Үсөнбаев). *Колтукташкан сулуусу Чалкар көлдө кууга окшойт* (Аалы).

ЧАЛКУУ **чалкы** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛКЫ *этиш.* 1. Толкугансып көйкөлүү, ойкуп-кайкып көрүнүү; кең болуп жайылып жатуу (көл, жер ж. б.) *Чалкыган көлдөн жай алган, Куулардан козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Чалкыган тегиз жер менен, Чартылдап туман жел менен* («Олжобай менен Кишимжан»).

2. Эргүү, толкундоо; ташкындоо, ашыпташуу. *Көңүлү чалкып карт ырчы, Көзүнөн жашын ирмеди* (Бөкөнбаев). *Казнабыз, байлыгыбыз чалкыса, Элибиздин телегейи тең болор* (Осмонкул).

ЧАЛКЫТ **чалкы** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛМА I *зат.* Ылай, тоголоктошкон ылай.

◆ **Ак чалма** — чополуу ылай же суу аралаш жуурулушкан чопо.

ЧАЛМА II *зат.* 1. Ыргытып илиндирип алуу жолу менен көбүнчө азоо малды кармоо үчүн колдонулуучу илмек аркан. *Жумаш жүрөт тал укурук сүйрөтүп, Азоолорду чалма салып үйрөтүп* (Осмонкул). *Чалма уруучу шыктуусу, Айбалта чапчу ыктуусу* («Манас»).

2. Күрөштө чалуу ыгы, ыкмасы. *Чалмасы бар.*

ЧАЛМАКЕЙ *зат.* 1. Сүткө ж. б. суюктукка талкан ж. б. кошуп аралаштырып чалынган түрү. *Кымызга талкандан чалмакей кылып ичти.*

2. Чалуунун, чалып жыгуунун ыгы, ыкмасы, чалма. *Чалмакейи бар киши.*

3. *өт.* Баш аламан, иретсиз, аралаш.

ЧАЛМАЛАН *этиш.* Ылайлануу, киргилденүү. *Чалмаланган дарыя.*

ЧАЛМАЛАНТ **чалмалан** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛМАЛАНУУ **чалмалан** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛМАЧЫ *зат.* 1. Чалма ыргытууга, чалма салууга устат.

2. Кыйын чала турган, жакшы чалуучу, чалганга шыктуу. *Алай, Арканы басып чыккан Арпачы чалмачы деген мен эмес белем* («САЖИ»).

ЧАЛМАЧЫЛ **чалмачы** менен бирдей.

ЧАЛП: чалп-чалп же чалп-чулп *туур.* Суюк, ылайлуу жерди басканда чыккан сыяктуу дабыш. [*Ашырдын*] *өтүгүнүн таманы балкычка чалп-чулп этип, энтеңдеп келе жатты* (Сасыкбаев).

ЧАЛПОО *сын.* 1. Үркүнчөөк, азоо чалыш. *Чалпоо жылкы.*

2. *өт.* Кежир, эч кимдин тилин албаган. *Чалпоо жигит өз боюн, Эч адамга тңгее-*

бейт (Осмонкул). *Иш тапшырба жалкоого, Акыл айтпа чалпоого* (Токтогул).

ЧАЛПЫЛДА *этиш.* Чалп-чалп этүү, чалп-чалп эткен дабыш чыгаруу. *Чоң кисе жанда шалпылдап, Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

ЧАЛПЫЛДАТ чалпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛПЫЛДОО чалпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛУУ чал этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛЧАКТА чалчаңда менен бирдей.

ЧАЛЧАҢДА *этиш.* Обу жок тайрактап эркелөө, жөн сүйлөбөй опсузданып эркелеп сүйлөө.

ЧАЛЧАҢДАТ чалчаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЛЧАҢДОО чалчаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛЧЫК *зат.* Токтоп калган ылай суу, булганч суу, чыла. *Сууну көп кечсе, чалчык болот; сөздү көп сүйлөсө, тантык болот* (макал). *Жылдырып айдап каз жаят, Чөнөкчөнөк чалчыктан* (Осмонкул).

ЧАЛЫН чал III этишинин өздүк мамилеси.

ЧАЛЫР *сын.* Кыйшык, көзү түз карабаган кылыр. *Түз көзүн ача, чалыр көзүн баса карап, кышылдап Керимахун отурат* (Жантөшев).

ЧАЛЫРАЙ *этиш.* Чалыр болуп калуу, чалыр кароо.

ЧАЛЫРАКАЙ *сын.* Чалырайган, көзү чалырыраак.

ЧАЛЫРАҢДА *этиш.* Чалыр көз кишинин караганына окшошуп кароо, чалырайып кароо.

ЧАЛЫРАҢДОО чалыраңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЛЫШ I *зат.* Таза кандуу тукум менен жөнөкөй тукумдун ортосунан чыккан аргын (көбүнчө жылкы жөнүндө). *Жыгып алдың, Атакан, Тоялыңын чалышын* (Токтогул). *Чалыш жылкы.*

ЧАЛЫШ II *жанд.* Окшош, сыяктуу, сымак, кебетелеш; окшоштуу бар, ошондой белгилери, өзгөчөлүгү бар. *Аргымак чалыш болсо дейм, Астыңдагы мингениң* (Токтогул). *Көйрөң чалыш кул экен, Көөсөр сымак уул экен* («Эр Табылды»).

ЧАЛЫШ III чал этишинин кош мамилеси.

ЧАЛЫШТА *этиш.* Буту түз шилтөөгө келбей калуу, темтендегендей басуу. [*Акимдин*] *буту чалыштап, теңселип бара жатат* (Сасыкбаев).

ЧАЛЫШТОО чалышта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАМА I *зат.* 1. Кандайдыр бир ишти иштөөгө жетерлик күч, кубат, дарман, ал. [*Чапандын*] *бүчүлүгүн чечип отурууга-*[*Татыбектин*] *чамасы келген жок* (Байтемиров). *Баатыр Сыргак кайран эр, Адамдан артык чамасы* («Манас»). *Көктөй бер, көгөрө бер кең талаалар, Кем эмес, сага жетер чамабыз бар* (Осмонов).

2. Болжолдуу өлчөм, чамаланган ченем, болжол. *Күндүзгү саат эки чамалары болду* (Бейшеналиев). *Он үч — он төрт чамасындагы үч тестиер бала.. келе жатышты* (Жантөшев).

ЧАМА II чаме менен бирдей.

ЧАМАЛА *этиш.* 1. Чамасын болжоо, болжолдоо. *Кашаттан кабар берди го, Чамалап сенин алыңды* («Эр Табылды»).

2. Жакындоо. *Кыркларга чамалап калган кызыл тору аял* («Советтик Кыргызстан»).

ЧАМАЛАШ *такт.* Бирдей дээрлик, тең чамалуу, барабар, катарлаш, жакын. *Мурат атынын оозун тартып, анын* [*Күлжандын*] *арка жагынан ага чамалаш желдирди* (Байтемиров).

ЧАМАЛЕК: чай-чамалек *к.* чамек.

ЧАМАЛОО чамала этишинин кыймыл атоочу.

ЧАМАЛУУ *сын.* 1. Кандайдыр бир өлчөмгө, санга жакыныраак, болжол менен алганда кандайдыр бир өлчөмдө, санда. *Келе жаткандар он беш чамалуу* (Сыдыкбеков).

2. Анчалык эмес, орточо, көп эмес. *Кошко киргенибиз көп болгону менен, айдаган жерибиз чамалуу* (Элебаев). *Эжемдин абалы да чамалуу. Өз оокатын араң эле эттештирип жатат* (Абдукаримов).

ЧАМАСЫ *мод.* Болжолу, сыягы. *Келин атка конгонуна ары кетсе эки жыл болгондур, чамасы ошондой көрүндү* (Убукеев). *Чамасы, жаандын басылчу түрү жок* («Ала-Тоо»).

ЧАМБЫЛ *сын.* Бозомук, ылай чачырагандай түс, ботала. *Окшош жээрде кашкалар, жалаң чамбыл кашкаларга айланган* (Жантөшев).

◆ **Боз чамбыл** — киргил, тунук эмес, ылайланган. *Үйдүн боз чамбыл болуп күкүктөп, кирип жаткан суусу ат-арабаларыбызды агызган күндөр да болду* («САЖИ»). **Чамбыл ала** — ботала, кир, булганч. *Устү-баштары чамбыл ала болгон жумушчулар,.. жерде отурушту* (Сасыкбаев).

ЧАМГАРАК *зат.* Түндүккө каршы-терши сайылуучу, ийилип жасалган ичкерээк, узун жалпак жыгачтар. *Коломтодогу чаа күйгөн чычаланын көк түтүнү созулуп чамгарактан чыгып жатат* (Баялинов).

ЧАМГАРАКТА *этиш.* 1. Өйдө көтөрүлүп булгалактоо. *Күйругу чамгарактаган Бөрүбасарын азгырып,* [*койчу*], *койду жайып жөнөдү* (Абдумомунов).

2. *эт.* Чакчарылуу, көтөрүлүү. *Какелей чамгарактап Керезге атырылды* (Бейшеналиев).

ЧАМГАРАКТАТ чамгаракта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАМГАРАКТОО чамгаракта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАМГЫР *зат.* Түбү жоон болуп чыгып, желүүчү жашылча өсүмдүгү жана аның тамыры.

ЧАМДА *этиш.* Ылдамдоо, ыкчамдоо, тездөө, шашуу, шашылуу. *Кетмен чаап жаркырап, Чамдагыла колхоздо* (Барпы). *Чамдагыла, эртең да күн ачык болот экен* (Сыдыкбеков).

ЧАМДАН чамда этишинин өздүк мамилеси.

ЧАМДАТ чамда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАМДОО чамда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАМЕ *зат.* Чайдын кайнатылып, даамы чыгып бүткөндөн кийинки калдыгы.

ЧАМЕК: чай-чамек *же* **чай-чамалек** — чай жана ошол сыяктуу майда-чүйда тамакаштын жалпы аты.

ЧАМПА *зат.* Кол менен чапкылап жасалган үйдун тезеги; жампа.

ЧАМПАЛА *этиш.* Чампа кылуу, чапкылап, жампа түрүнө келтирүү.

ЧАМПАЛОО чампала этишинин кыймыл атоочу.

ЧАМЫН *этиш.* 1. Жулунуу, жулкунуу, атырылуу. *Күүлөнүп тулпар чамынат, Күбүрдөй көбүк жамынат* (Аалы). *Ак жолборстой чамынып, Айкырып атка мингенде* («Манас»). *Кадимки тентек Терек суу, Капчыгай жарат чамынып* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Алга умтулуу, тездик менен алга жылуу. *Маданий ишти колго алып, Дагы жаштар чамынып* (Турусбеков).

ЧАМЫНДЫ *зат.* Жыгачты кескенде, чапканда же жонгондо түшкөн майда бөлүкчөлөр. *Уста балтасын чапкан сайын чамындылар анын тегерегине ак ала болуп толо берди* (Байтемиров).

ЧАМЫНУУ чамын этишинин кыймыл атоочу.

ЧАН I *зат.* Кылычтын, канжардын сабы.

ЧАН II *этиш.* Теңсинбөө, өзүнө тең деп эсептебөө, өзүнөн төмөн саноо, кемсинтүү. *Кыз алган жарды жаман деп, Акылың болсо чанбагын* (Токтогул).

ЧАНА I *зат.* Кардын же муздун үстү менен жылгаяктатып сүйрөп жүрө турган жалпак тамандуу жүк ташуучу же киши түшүп алуучу транспорт каражаты жана ушунун балдар ойной турган кичирээги. *Чанага түшүү. Чана менен отун тартуу. Чана менен жылгаяк тебүү.*

ЧАНА II *этиш. диал.* Казуу, жукалай, кетий чабуу, чаап казуу.

ЧАНАА туурасы: чана.

ЧАНАК *зат.* 1. Көздүн чарасы. *Темирдин көз чанагы жашка толо түштү* (Жантөшев).

2. Өсүмдүктүн буласын каптап турган кутуча, кабыкча. *Пахтаны терсең таза тер, Чанакта чала калбасын* (Барпы). *Буланын жарым-жартылайы калып калып убара кылат* (Байтемиров).

◆ **Көзү чанагынан чыгуу** — таң калганда, корккондо же ачуусу келгенде көзү бакырая, алая түшүү, көзү тостоё түшүү. *Ышкыналынын денеси дүркүрөп көзү чанагынан чыга түштү* (Байтемиров).

ЧАНАЧ *зат.* Кымыз, айран сыяктуу суюктуктарды куюп алып жүрүү үчүн колдонулуучу эчкинин туюк союлган терисинен жасалган идиш. *Идиш жок, кымызды чаначтан эле жутушту* (Аалы).

ЧАНДА *такт.* Анда-санда, биринсерин, сейрек. *Күлжандай кыз чанда чыгат* (Байтемиров). *Деги, чанда бири-бири болбосо,* [*Карпыктыкына*] *эл көп барчу да эмес* (Элебаев).

ЧАНДАЙ *этиш.* Курсагы бөтөнчө чоң көрүнүштө, көбүңкү көрүнүштө болуу. *Деп Базарбай Түкүйгө Чандайып турат мактанып* (Үмөталиев). *Өлгүдөй тоюп чандайып, Жоо сайгансып дардайып* (Шүкүрбеков).

ЧАНДАЙТ чандай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАНДЫЙ чандай менен бирдей.

ЧАНДЫР I *зат.* Ичтин санга жакын төмөнкү бөлүгү. *Атымды улам-улам чандырга чапкылап коём* («Ала-Тоо»).

ЧАНДЫР II *этиш.* Бирөөгө (көбүнчө эркек аялга, же аял эркекке) тең болоалбай калуу, көңүлүнө толбой калуу, жакпай калуу. — *Сабырбек, сен кызга чандырсаң, анда мен деги эле жакындаганды койдум* (Сыдыкбеков). *Сенчилеп мен ургаачыга чандырып ийипминби* («Ала-Тоо»).

ЧАНДЫРЛА *этиш.* Чандырдан ала бастыра тартып, ээрдин эки капталынын аяк жагы менен бириктире байлоо.

ЧАНДЫРЛОО чандырла этишинин кыймыл атоочу.

ЧАНОО чана этишинин кыймыл атоочу.

ЧАНУУ чан этишинин кыймыл атоочу.

ЧАНЧ *этиш.* Саюу, сайгылашуу. *Ар бир эчкинин өлүмү жаныма ийне чанчкандай батат* (Элебаев).

ЧАНЧҚАК *зат.* Белди же дененин башка мүчөлөрүн сыздатып, сайгылаштырып оорутуучу оору.

ЧАНЧУУ чанч этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢ I *зат.* 1. Аба менен көтөрүлүүчү же кандайдыр бир нерсенин үстүнкү бетине ылдам жугуучу жеңил кургак, эң майда тозоң. *Бүгүн эртең менен күн жаап басылгандыктан, Оштун көчөлөрүндө буркурап көтөрүлгөн чаң жок* (Жантөшев). .. *Токтой калып, костюмунун чаңын күбүндү* (Сыдыкбеков).

2. *бот.* Урук байлоочу өсүмдүктөрдүн тукумдашуучу тозоңу.

◆ **Чаң салуу** — дүрбөлөң түшүрүү, бүлүк салуу, чуу салуу, чуу түшүрүү. *Жаалы келип Табылды, Кайта кирди чаң салып* («Эр Табылды»). **Чаң жукпас** — өзүнө сөз тийгизбеген, ар кандай амалдар менен өзүн таза, күнөөсүз киши катарында көрсөтүп, кутулуп кетүүгө маш киши. **Таңдайынан чаң чыгуу** — чечен, кыйын сүйлөө. [*Сабира*] *таңдайынан чаң чыгарып, мыкты сөз айтты* (Сыдыкбеков). **Чаң-тополоң** — дүрбөлөң, чакчелекей, баш аламан. *Чаң-тополоң болушуп, Тартынбастан согушуп* («Манас»). **Будуң-чаң** *к.* **будуң.**

ЧАҢ II: чаң-чүң *туур.* Урушканда, тилдешкенде ж. б. чыккан ачуу үндү билдирүү үчүн колдонулат. *Дагы ары жактан чаң-чүң эткен үн чыкты* (Байтемиров).

ЧАҢГЫЛ *сын.* Ачык түстө эмес, киргил, бозомук киргил. *Бийиктеги чаңгыл ту-*

мандан сызылып өткөн айдын алсыз нуру (Аалы). *Сүлүктү тоолору боз чаңгыл болуп тунжурап турган* (Сасыкбаев).

ЧАҢГЫЛДАН *этиш.* Чаңгыл түскө кирүү, чаңгыл болуу. *Темир устакана цехи боз чаңгылданып, ширенди жыттанып, калдыр-күлдүр этет* (Сасыкбаев).

ЧАҢГЫЛДАНУУ **чаңгылдан** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢГЫЛТ **чаңгыл** менен бирдей.

ЧАҢГЫТ *сын.* Бозомук, суюк киргил, боз, өңү бир аз гана бурулган, чаңыт. *Эртең менен чаңгыт жарма жасап ичип отурабыз* (Элебаев).

ЧАҢДА *этиш.* 1. Чаң көтөрүлүү, чаң чыгуу. *Көптөн бери күн жаабай, чаңдап жатуучу жолдор жаанга жууруулду* (Байтемиров).

2. *өт.* Чаң салуу, чуу түшүрүү. *Ал кезде көзүмө эч нерсе көрүнбөй, чаңдап жүргөн учурум тура* (Байтемиров).

ЧАҢДААК **чаңдак** менен бирдей.

ЧАҢДАК *сын.* Чаңдуу, чаң көп чыга турган, чаңдай берүүчү. *Чаңдак жол.*

ЧАҢДАТ 1. **чаңда** этишинин аркылуу мамилеси.

2. **чаңдаштыр** менен бирдей.

ЧАҢДУУ *сын.* Чаңы көп, чаңы бар, чаң баскан. *Кампанын чаңдуу деми өпкөңү кысат* (Айтматов). *Чаңдуу чөлдө сейрек коён болчу эле, Чыктуу чөпкө бүйүр чыга тойбогон* (Аалы).

ЧАҢДАШ *этиш. бот.* Өсүмдүктөр чаңдары аркылуу урукташуу.

ЧАҢДАШТЫР **чаңдаш** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҢДАШУУ **чаңдаш** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢК *туур.* Катуу нерсе металлга тийген сыяктуу чыккан кыска, ачуу дабышты билдирүүдө колдонулат.

ЧАҢКА *этиш.* 1. Суусоо, абдан суусоо. [*Кычандын*] *тили оозуна батпай кургап, чаңкап чыкты* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Эңсөө. [*Мукай*] *илим-билим деп чаңкаган кыргыз жаштарынын тилегин, ой-пикирин айткан* (Элебаев).

ЧАҢКАЙ I *сын.* Ачык, абдан ачык, ачык даана. *Чаңкай түш Ысык-Көлдө баратабыз, Жылмайып көлдүн бетин карашабыз* (Маликов).

ЧАҢКАЙ II *этиш.* Ачык болуу, кирсиз, тунук, айкын көрүнүштө болуу. *Түш ченде көл уюлгуган кара булуттай дүңкүйсө, бара-бара көзгө үйүр тартып көгүлтүр чаңкайып ачылууда* (Бейшеналиев).

ЧАҢКАТ **чаңка** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҢКАЮУ **чаңкай** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢКОО **чаңка** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢКЫЙ **чаңкай** II менен бирдей.

ЧАҢКЫЛДА *этиш.* 1. Чаңк-чаңк эткен дабыш чыгаруу. [*Акбар*] *чаңкылдаган балканын үнүн улап устаканага кирди* (Убукеев).

2. Кулакка жагымсыз чаңк-чаңк эткен ачуу үн чыгаруу. *Сен эмне чаңкылдайсың?* («Ала-Тоо»). *Кандайдыр бир жерде чаңкылдап күчүк үрүп жатат* («Ала-Тоо»).

ЧАҢКЫЛДАТ **чаңкылда** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҢКЫЛДОО **чаңкылда** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢЫЛДА *этиш.* Чаң-чуң эткен ачуу үн чыгаруу.

ЧАҢЫЛДОО **чаңылда** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢЫР *этиш.* 1. Үнүн ачуу чыгаруу, үнүн ачуу чыгарып айкыруу, кыйкыруу, бакыруу. *Безилдеп кез-кез, ачуу-ачуу чаңырагандай болсо, кыштакты башына көтөрөт* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Катуулоо, күчөө, катуу боло баштоо. *Ышкырып шамал чаңырды, Каарын төгүп чамынды* (Осмонкул).

ЧАҢЫРТ **чаңыр** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҢЫРУУ **чаңыр** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАҢЫРЫК *зат.* Ачуу чыккан кыйкырык, бакырык, чаңырган айкырык. *Ал* [*Мамбеткул*] *чаңырыкты улап, ылдамдай басты* (Каимов). — *Биздин Акия чаңырыкты салганда кулагымдын тарсылдагы жарылып кетерине аз калды* (Сыдыкбеков).

ЧАҢЫТ *сын.* Бозомук, киргил суюк, чаңгыт. *Чаңыт жарма.*

ЧАҢЫТ II *этиш.* Чаңдатуу. *Араба кампаны көздөй жолду чаңыта жөнөп кетти* (Абдукаримов).

ЧАҢЫТТА *этиш.* Бозомук тартуу, суйдак тартып боз түшкөндөй көрүнүү, чаңыт көрүнүштө болуу.

ЧАҢЫТТАЛ **чаңытта** этишинин туюк мамилеси.

ЧАҢЫТТАТ **чаңытта** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАҢЫТТОО **чаңытта** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАП I *зат.* 1. Ичтин төмөн жагы менен сандын кошулушкан жериндеги жука, такыр жери (көбүнчө малга карата). [*Карышкырга*] *бир бээсинин чабын жардырып, Чымыр да Чаар-Ала-Таш менен кош айтышты* (Жантөшев).

2. Чөп такыр чыкпай турган же чыкса да сейрек чыга турган тоонун боору, жантайма бет. *Таманы эшилген кызыл кумдуу тар сай, эки жагы кемерленген боз чап* (Касымбеков).

ЧАП II *такт.* Дароо, өтө тездик менен абдан шамдагайлык менен (мис., умтулуу, кармоо ж. б.) *Дарыяхан Эркинди чап көтөрүп ала коюп, эки көзүнөн өптү* (Жантөшев). — *О, кокуй, карылык! — .. деп, кейип койду да,* [*карыя*] *чап эле атты жылоолоду* (Касымбеков).

ЧАП III: **өп-чап** *к.* **өп** I.

ЧАП IV *этиш.* 1. Колго кармаган кандайдыр бир нерсе менен шилтөө, шилтеп жиберүү, шилтей уруу; коюп калуу. *Чын эсебин табайын, Чыркыратып бул таздын, Башын кыя чабайын* («Эр Төштүк»). — *Батыш өгүздү отун таңган жиптин учу менен тумшукка чапты* (Байтемиров).

2. Чабуул жасап бүлүк салуу, бүлгүнгө түшүрүү, чабуул салып олжо алуу. *Уулап жүрүп жайлоодон Калган элди чапты дейт* («Семетей»).

3. Шилтөө аркылуу кыюу, кесүү. *Чөп чапты. Эгин чапты.*

4. Бетине металл орнотуу, баалуу металл орнотуп, кооздоо, каптоо. *Күмүш чапкан куюшкан, Жүгөн сатты кайран эл* (Шайбеков).

◆ **Жол чабуу** — 1) жол салуу; 2) *өт.* жол көрсөтүп берүү. *Жаны ачып жолду чапкан түбөлүк, Эмес беле улуу устат Ленин* (Турусбеков). **Тамырына балта чабуу** *к.* **тамыр. Жанымды курман чабайын** — 1) курмандыкка да макулмун, бардыгына даярмын деген мааниде колдонулат; 2) жалынып-жалбаруу иретинде айтылат. **Өпкөмдү** *же* **жүрөгүмдү чабайын** *к.* **өпкө.**

ЧАП V *этиш.* 1. Атчан катуу жүрүү, атты катуу чуркатуу. *Аксакал алчыланып ылдый чапты, Найзаны оң колтукка таамайлатты* (Маликов). *Мусабек.. арабаларды жандай чаап келе жатат* (Сасыкбаев).

2. Алга умтулуу, илгерилөө, алга жөнөө. *Өнөрүң болсо өргө чап, Эмгегиң менен элге жак!* (Токтогул).

◆ **Аша чабуу** — аша кетүү, ашып кетүү, белгилүү чектен, тиешелүү өлчөмдөн ашып кетүү. **Бетке чабуу** — тартынбай, бетке айтуу. **Өз пайдасына чабуу** — өз пайдасын көздөө, өз пайдасын көздөп иш кылуу. **Пейли чабуу** *же* **көңүлү чабуу** — пейилденүү, көңүлдөнүү, көңүлү тартуу. **Ат чабуу** — ат жарыштыруу, байге коюп ат жарыштыруу.

ЧАПАН *зат.* Көбүнчө этеги тизеден ылдый, узунураак тигилген сырт кийим. *Эшикти шарт ачып, чапанын желбегей жамынган Сурмаш чыга келди* (Жантөшев).

ЧАПКЫ чалгы менен бирдей.

ЧАПКЫН *зат.* 1. Башка элге, уруугa ж. б. кол салып чаап алуучулук, кыргын салышкан чабыш. *Жыйнасам деген нээтим бар, Кыргын-чапкын көп көрүп Кыйрынан азган элимди* («Манас»).

2. Чаба жааган жамгырлуу же кардуу бороон. *Ойдо жок катуу шамал менен бирге кар боройлоп жаап, алдыдан утуру чапкын башталды* (Жантөшев).

ЧАПКЫНДА *этиш.* Катуулап чаба жаай баштоо, удургуп, күчөп жаай баштоо (көбүнчө кар, жаан жөнүндө). *Ойдо жок катуу шамал менен бирге кар боройлоп жаап, алдыдан утуру чапкындай баштады* (Жантөшев). *Шамал катуулап, жаан чапкындай баштады* (Жантөшев).

ЧАПКЫНДОО чапкында этишинин кыймыл атоочу.

ЧАПКЫНЧЫ *зат.* Кол салып, чаап алуучу, чапкынга, чаап алууга катышуучу.

ЧАПКЫНЧЫЛЫК *зат.* Чаап алуучулук, чаап, тоноп алуучулук, жоокерчилик.

ЧАПТА *этиш.* 1. Бүтөө, бекитүү, бүтөп таштоо. *Чаптаган ок.*

2. Жабыштыруу. [*Талгат*] *кээсин кайчы менен кесип алып, альбомуна чаптап жатат* («Жаш ленинчи»).

ЧАПТАЛ чапта этишинин туюк мамилеси.

ЧАПТАЛУУ *сын.* 1. Чаптап бекитилген, чапталган. *Патрон ташта чапталуу он эки жез бар* (Сыдыкбеков).

2. Жабыштыруу, жабыштырылган. *Аттуу киши алик алды да, чөнтөгүнөн чапталуу конверт алып Алыбекке сунду* (Жантөшев).

ЧАПТАТ чапта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАПТОО чапта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАПТЫР чап этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЧАПЧАҢ *сын.* 1. Шамдагай, тез, ылдам (кыймыл-аракет жөнүндө). *Берки үчөө ителгидей жетти чапчаң, фашисттер айрылгандай акылынан* (Үмөталиев). *Анархан өзү дагы чапчаң терет, Күнүнө жүз он кило терип берет* (Үмөталиев).

2. Тез кызууланып кете турган, кыялы чукул, кызуу кандуу. *Кыялы чапчаң. Чапчаң мүнөз.*

ЧАПЧАҢДЫК *зат.* 1. Шамдагайлык, ылдамдык, тездик. *Алымкул куржунду алып, чапчаңдык менен ийнине салды* (Абдукаримов).

2. Тез кызууланып кетүүчүлүк, кызуу кандуулук. *Чапчаңдык түпкө жетет бейм* («Манас»).

ЧАПЧУУ чапчы этишинин кыймыл атоочу.

ЧАПЧЫ *этиш.* 1. Апчып алуу, апчып кармоо, аткып кармоо. *Темир сол колунун карысын оң колу менен чапчып, сендиректей түштү* (Жантөшев).

2. Эки астыңкы буту менен жерди апчый тартуу (көбүнчө жылкыга карата). *Бээ баласын чапчыса да, берт кылбайт* (макал). *Акжал жер чапчып ооздугун качырата чайнап, кермеде турат* (Жантөшев).

ЧАПЧЫТ чапчы этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАПЧЫШ чапчы этишинин кош мамилеси.

ЧАР I *зат.* Дан эгиндеринин учкуну. [*Кырмандын четинде*].. *буудайдын азыраак чары чогулбай жатат* (Жантөшев).

◆ **Чар учкандай** — баш аламан, иретсиз, тартипсиз. **Чар көпөлөк айлануу** — абдан тез айлануу; учуп-күйүп, чарк айлануу.

ЧАР II чар ирик — төрт жашар же төрттөн ашкан ирик. *Келишкен бир ат, элүү чар ирик* (Аалы).

ЧАР III *туур.* Көбүнчө ысык металлдарга суу тийүүдөн чыккан дабышты же кандайдыр бир кулакка жагымсыз ачуу чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Бир кезде, кыпчууру кызарып кетти эле, карыя уста тепшидеги суугa чар эттире малды* (Убукеев).

ЧАРА I *зат.* 1. Тамак-аш салуу же куюу үчүн колдонулуучу ар кандай ме-

таллдардан жасалган, ооз жагы жайык келген тегерек чуңкур идиш. *Казандагы эт булоолонуп чарага түшкөн учурда, бирөө туруп кол жуудура баштады* (Убукеев).

2. Казанактын (мүрзөдө) ооз жагындагы чуңкур.

◆ **Көздүн чарасы** — көз жайланышкан чуңкур. [*Сансыздын*] *көздөрүнүн чарасы бөксөрүп, акыреги аркайган* (Жантөшев).

ЧАРА II *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсени иш жүзүнө ашыруу максатында жүргүзүлгөн аракет. *Колхоздорду кызматкерлер менен чыңдоо боюнча чаралар көрүлдү* («Коммунист»). *Кырсыктан сактануунун биринчи чарасы койду ылаңдан сактоо* (Жантөшев).

2. Жаза. *Волковго бир чара колдонуу керек* (Жантөшев). *Эки жолу жыйналышка коюп чара колдонгон* (Байтемиров).

3. Амал, айла, арга. *Аман эсен калыш үчүн бир гана чара таптык* (Жантөшев). *Чыныгулдун ишенбеске чарасы барбы?* (Жантөшев).

ЧАРАБЗАЛ чарапзал менен бирдей.

ЧАРАЙ: орой көз чарай *к.* **орой I.**

ЧАРАЙНА I *зат.* Илгерки убакытта согушка чыкканда төшүнө тартып кийүүчү такта темир. *Темир туулга башында Чарайнасы тагылуу* («Курманбек»). *Табылды кырк жигитке соот, чопкут, чарайна, калкан даярлап, эл кайтарып жол чалып, атасы Эрменкандан мыкты болду* («Эр Табылды»).

ЧАРАЙНА II чарана менен бирдей.

ЧАРАНА *зат.* Жаңы туулган жаш төлдүн, жаңы төрөлгөн жаш баланын үстүнө жабышкан желим сыяктуу илээшкен зат. [*Уулумду*] *чаранадан чайып, түн уйкумду, күн тынымымды койгомун* (Сыдыкбеков).

ЧАРАПЗАЛ *зат. диал.* Маки.

ЧАРБА *зат.* 1. Белгилүү бир коомдун өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, өндүрүш жолу. *Социалисттик чарба. Натуралдык чарба. Товардык чарба. Капиталисттик чарба.*

2. Өндүрүш, экономика; өндүрүш үчүн бардык керектелүүчү нерселердин жыйындысы. *Элдик чарба. Токой чарбасы. Айыл чарбасы.*

3. Кандайдыр бир өндүрүштүн жабдуулары, шаймандары, мүлктөрү жана курулуш жайлары ж. б. жалпы жыйындысы. *Заводдун чарбасы. Колхоз чарбасы.*

4. Үй тиричилигине байланыштуу иштер, оокат-тиричилик. *Үй чарбасын башкарып,.. тыныкпаган чоң эне күнү бою.. өкүнүп жүргөн* (Сыдыкбеков).

5. Мал багуучулук, мал өстүрүүчүлүк.

6. Мал багып, мал өстүрүүчү. *Дыйкан болсоң, башында бол, чарба болсоң, кашында бол* (макал).

7. Мал. *Бирин-эки чарба күтүү.*

ЧАРБАДАР *зат. диал.* Чарба жумуштары менен күн көргөн, көбүнчө мал чарбачылыгы менен кесиптенген, өз алдынча анча-мынча чарбасы бар адам. *Чарбадар алек мал менен* (Барпы). *Урум менен Турумдун аталары өз оокаты өздөрүнө жетишкен чарбадар адамдын балдары болот* (Жантөшев).

ЧАРБАК *зат.* 1. Короо-жайды, огородду ж. б. айландыра курчаган дубал, тосмо.

2. Бак-дарак, короо-жай, огороддун жалпы аты. *Чарбак тараптан сайраган булбулдун үнү угулду* (Жантөшев). *Укмуштуу сонун чарбакта Кызыл гүл болсо жайнаган* (Аалы).

ЧАРБАКЕР чарбадар менен бирдей.

ЧАРБАЛУУ *сын.* Чарбасы бар, чарба күткөн, мал күткөн. *Аларды орто чарбалуулар дейт* (Сыдыкбеков).

ЧАРБАЛЫК *сын.* Чарбага таандык. *Чарбалык жумуштар.*

ЧАРБАЧЫ *зат.* Кандайдыр бир мекеменин, ишкананын ж. б. чарбасы жагында иштөөчү, чарба жагын тейлөөчү адам. — *«Газик» менен келиптир, аксакал!* — *Андай болсо, чарбачылардын бирөө чыгар* (Убукеев).

ЧАРБАЧЫЛ *сын.* Чарба иштерине камкор, чарбачылыкка бүйрө (адам жөнүндө). [*Мукайдын*] *атасы чарбачыл адам болгондуктан, огороду бак-шактуу келип, алмалары да көп* (Таштемиров). *Канча айткан менен чарбачыл киши да* (Каимов).

ЧАРБАЧЫЛЫК *зат.* Жалпы эле чарба жумуштары, чарба иштерин жүргүзүүчүлүк. *Айыл чарбачылыгы. Мал чарбачылыгы.*

ЧАРБЫ *сын.* Майда. *Чарбы мал.*

ЧАРГЫТ *этиш.* Түз, так айтпоо, буйтактатуу, башка сөзгө алаксытуу. *Каныбектин кайталап сураган суроосуна чаргытканжоопторду берип тим болду* (Жантөшев). *Көп сөздөрөгө чаргытып,* [*Макешти*] *адегенде сынап да көрдү* (Касымбеков).

ЧАРГЫТУУ чаргыт этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРДА *этиш.* 1. Чурулдаган добуш салуу (бакага карата). *Баткактуу көлчүк суусунда, Бакалар чуулдап чардаган* (Маликов).

2. Сайроо. *Топтолушуп чардаган Куштар да ыктыяр* (Барпы). *Булбулу сайрап чөлүндө, Күкүгү чардап көгүндө* (Тоголок Молдо).

3. *өт.* Шат-шайыр жүрүү, жыргоо, куунак болуу, сайрандоо. *Толкуп жаткан деңиздей, Чардаган элди карачы* (Токтогул), *Арасы Ала-Тоонун көркке баткан, Колхоз, совхоз боорунда чардап жаткан* (Нуркамал).

4. *өт.* Кыдыруу, жер чалуу, байкоо. *Мен жердин баарын чардадым, Барбаган жерим жок болду* («Семетей»). *Жээниңмин деп желпилдеп, Жер чардаган эрсиңби?* («Эр Табылды»).

ЧАРДАЙ *этиш.* Чандыйып көбүү, дардайып чоң көрүнүү (көбүнчө курсак жөнүндө). *Бетеге жеп сунайып, Бээлер жатат чардайып* (Осмонкул).

ЧАРДАЙТ чардай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАРДАК: ак чардак — жумшак калың жүндүү, буттары кыска келген сууда сү-

зүүчү канаттуу. *Ак чардакка кошулуп, Аңырлар үчат аңкылдап* (Тоголок Молдо). *Кандайдыр бир ак чардак жем издеп... көл үстүндө айланып учуп жүрөт* (Баялинов).

ЧАРДАҢДА *этиш.* Чердеңдөө, чардайган курсагы менен кыймыл-аракетте болуу.

ЧАРДАҢДОО чардаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРДАРЫ *зат.* Ар түрлүү нерселерден бириктирилип жасалган аралашма дары. *Каргабий ар бир үч күн өткөн сайын Сагындын жараатына.. дүйүм чөптүн тамырынан, бүрүнөн даярдалган чардарысын себет* (Осмоналиев).

ЧАРДОО чарда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЖАЙЫТ *сын.* Баш аламан, туш келди, иретсиз, чачкын. *Бизди көрүнгөн жумуштарга эле чаржайыт жумшай беришет* («Советтик Кыргызстан»).

ЧАРК I *зат.* Күч, кубат, ал, чама, маани-жай. *Чарпышкандын баарына Чаркы жетер эр экен* («Манас»). *Качып жүрүп аралап, Өз чаркымды чамалап* (Тоголок Молдо).

ЧАРК II *зат.* 1. Дөңгөлөк. *Арабанын чаркы.*

2. **чарык I** менен бирдей.

◆ **Чарк айлануу** — өтө тез ылдамдык менен тегерене айлануу, чимирилүү. *Бир жетим көпөлөк лампаны чарк айланып,.. дырылдап үчүп жатты* (Баялинов). **Чарк уруу** — 1) өтө тездик менен жөнөө, кыдыруу, зыпылдап тез жүрүү. *Барып калды Мендирман, Дубанача чарк уруп!* (Жантөшев); 2) толкундоо, алып учуу. *Ачууга сырын турмуштун, Чарк уруп жүрөк термелет* (Бөкөнбаев). *Нарындын суусу ташкандай, Кубаның көңүл чарк урду* (Бөкөнбаев). **Чарк токтогон** — токтолгон же төрт жаштык. *Чарк токтогон ирик.*

ЧАРК III *туур.* Чар-чар эткен сыяктуу кыска чыккан үндү же доошту билдирүү үчүн колдонулат.

ЧАРКАП *зат.* Чөптүн, эгиндин ж. б. үймөгү.

ЧАРКАПТА *этиш.* Чаркап кылып үйүү.

ЧАРКАПТОО чаркапта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРКАР *зат.* Сарай, мал сарай; топон сакталуучу жай. *Күрөп бер көңдүү чаркарым Пулуман жумшап айтамын* (Барпы). *Талаадагы саман-топонду байдын чаркарына жеткирүүнү Сейит колуна алды* (Абдукаримов).

ЧАРКТА чарыкта менен бирдей.

ЧАРҚЫЛДА *этиш.* Чарк-чарк этүү, чарк-чарк эткен үн же дабыш чыгаруу. *Көлүндө куусу жаркылдап, Түрдүү куштар чаркылдап* («Эр Табылды»).

ЧАРҚЫЛДОО чаркылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРҚЫРА *этиш.* Чар-чар эткен созулуңку ачуу үн, дабыш чыгаруу. *Асман жаңыктар чаркырап, Ач кыйкырык үгулду* «Эр Төштүк»). *..Дүмүрөңдөп окопту, Тепсеп жатат чаркырап* (Аалы).

ЧАРҚЫРОО чаркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРПАЯ *зат.* Көбүнчө көлөкө, салкын жерлерге же үйдүн ичине жайлаштырылган, отурууга ылайыкталып тактайдан жасалган секиче. *Каныбек акырын басып келип, чарпаяга отурду* (Жантөшев). *Сузак чайканасы демейдегидей кыжы-кыйма, чайчылар чарпаяларга шыкалып калган* («Чалкан»).

ЧАРПУУ чарпы этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРПЫ I: чала-чарпы *к.* **чала.**

ЧАРПЫ II *этиш.* 1. Чапчуу. *Далдалчы отко күйүп бараткандай, Бакырды чалды муштап чала чарпып* (Аалы).

2. Жете чайпалуу, жете кайтуу, толкуп жайпай берүү, каптоо (көбүнчө суу, көл ж. б. карата). *Атырылып аскаларды чарпыган, Толкундаган деңиздерди кечейин* (Аалы).

ЧАРПЫЛ чарпы этишинин туюк мамилеси.

ЧАРПЫНДЫ *зат.* Серпинди, кандайдыр бир нерсенин бөлүкчөлөрү. *..Кокус Сатарга карата сөздүн чарпындысы тийсе,.. кадимкидей күүлөнүп кирмекчи* (Таштемиров).

ЧАРПЫТ: чала-чарпыт *к.* **чала.**

ЧАРПЫШ *этиш.* 1. Кармашуу, алышуу. *Бул жел курсак аюусу Чарпыша турган алы жок* («Эр Төштүк»).

2. *өт.* Чатакташып калуу, талашып-тартышып калуу. [*Даша*] *менен чарпыша кеткенин* [*Ашыр*] *эсине түшүрдү* (Сасыкбаев). [*Садык*].. *текшерүү комиссиясынын бир мүчөсү менен чарпыша калды* (Байтемиров).

ЧАРПЫШУУ чарпыш этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРТ *туур.* Кубулуштун же, кандайдыр бир нерсенин тез болгон дабышын же кескин кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Чагылганы чарт эткен, Нөшөрлөгөн сел эмес* («Мендирман»). *Чарт кесүү.*

ЧАРТАРАП *зат.* Туш тарап, айлана. *Бетинде жашыл жайпалат, Эгинге толуп чартарап* (Бөкөнбаев).

ЧАРТЫЛДА *этиш.* Чарт-чурт эткен катуу дабыш чыгаруу. *Кайрадан чагылган чартылдап, күн күркүрөп, жамгыр куя баштады* (Каимов).

ЧАРТЫЛДОО чартылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЧА *этиш.* 1. Чаалыгуу, алы, күч-кубаты кетүү, шайманы кетүү. *Чарчаган Токтогул эч нерсени сезер эмес* (Аалы). *Аттар бүгүн аябай чарчаган* (Жантөшев). *Фатима болсо Жүкөштүн чындап эле чарчаганын сезди* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Өлүү (көбүнчө 9—10 жашка чейинки жаш балдарга карата). [*Сатылган*] *жөөлүйт, чарчаган балдарының атын айтат* (Аалы).

ЧАРЧАТ чарча этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАРЧОО чарча этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЧЫ *зат.* Квадрат; төрт тарабы бирдей. *Ушу бир чарчы бөздү алып калганымда байып кетет белем* (Сыдыкбеков). [*Зарыл*] *төрт чарчы актын четин, кызыл жип учуктаган ийнеси менен* [*бекитип отурат*] (Сыдыкбеков).

◆ **Чарчы бойлуу** — бою анчалык бийик эмес, бирок өтө жапыз да эмес. [*Айдарбек*] *чарчы бойлуу,.. кара тору киши* (Жантөшев). *Чарчы бойлуу жаш келин Чырактай көзү жайнаган* (Маликов). **Чарчы метр** — квадраттык метр, төрт тарабы тең бир метрден келген чен өлчөмү. **Жаны төрт чарчы болуу** — кандайдыр бир нерсеге алынын келишинче, күчүнүн бардыгынча катуу аракеттенүү, түйшүктөнүү, убара болуу, кам көрүү.

ЧАРЧЫЛА *этиш.* Төрт тарабын бирдей кылуу; чарчы формага келтирүү, узунтуурасын бирдей кылып бүктөө.

◆ **Чарчылап-чөнөктөө** — себүү же отургузуу мезгилинде уруктардын (үрөндөрдүн) узун, туурасынын аралыгын белгилүү бир өлчөм боюнча бирдей жайлаштыруу жолу. *Бизде жигитти чарчылап-чөнөктөө жолу менен себүү* [*иш жүзүнө ашырылып жатат*] («Советтик Кыргызстан»). *Чарчылап-чөнөктөп эгүү эң көп пайдаларды келтирет* («Советтик Кыргызстан»).

ЧАРЧЫЛАТ чарчыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАРЧЫЛОО чарчыла этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЫК I *зат.* Балта, бычак, кайчы ж. б. сыяктуу кесе турган куралдарды курчутуу үчүн колдонулуучу, жыгачка орнотулган дөңгөлөкчө сыяктуу кайрак таш. *Темир менен таштын кайралышынан чыккан кызыл учкун чарыктын алдын көздөй шыр-шыр этет* (Сасыкбаев). *Чапса болот кетилет, чарыкка тартса жетилет* (макал).

◆ **Чарык жип** — чыгырыктарга түрүлгөн, тигүү машинасында колдонула турган ичке жип.

ЧАРЫК II *зат.* Бодо (кара) малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган бут кийим. *Бутунда чылгый баш териден жасалган чарыгы бар* (Байтемиров).

ЧАРЫКТА *этиш.* Чарыкка тартуу, чарык менен курчутуу.

ЧАРЫКТАТ чарыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАРЫКТОО чарыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЫЛДА *этиш.* Кулакка жагымсыз үн чыгаруу, чар-чар эткен үн чыгаруу. [*Кайрат*].. *сөөмөйү менен тизмени кыдырып, чарылдап кыйкырып окуп жатты* (Бейшеналиев).

ЧАРЫЛДОО чарылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧАРЫМ *зат.* Теринин ички бетинде же эт менен майдын ортосунда болуучу тарамыш сыяктуу чел. *Чарым эт.*

ЧАСОВОЙ *зат.* Атайын посттордо туруучу куралдуу сакчы, күзөтчү. [*Мавзолейдин*] *эшигинин алдында эки часовой* (Байтемиров).

ЧАТ *зат.* 1. Эки буттун жамбаш менен кошулган жери; эки буттун аралыгы. [*Үйлар*] *басса желини чатына батпай, ары-бери чайпалат* (Байтемиров).

2. Эки суунун кошулган жери. [*Жолоочулар*] *эки суунун чатындагы тумшуктан имериле бергенде, жайнап жаткан калың мал көрүндү* (Каимов).

3. Тоонун эки салаасынын кошулушкан жери.

ЧАТА: кыялы чата — кыялы жаман, начар, урушчаак, кежир. *Териси тар, кыялы чата адам болсо, бая эле кырс этип, кабагын салып калат эле..* (Сыдыкбеков).

ЧАТАК *зат.* Чыр, талаш-тартыш, жанжал. *Алардын чатагынан улам цехтегилердин баары чогулуша калды* (Каимов). *Аскар айткандан бери Динар чатакты баштаган* (Сыдыкбеков). [*Айдараалы*] *болбогон жерден чатак чыгарганы турду* (Абдукаримов).

ЧАТАКТАШ *этиш.* Чатак чыгаруу, чыр салуу, чырлашуу, талаш-тартыш чыгаруу. *Ышкынаалы бирөөнүн көңүлүн калтырып.. чатакташып чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров).

ЧАТАКТАШУУ чатакташ этишинин кыймыл атоочу.

ЧАТАКЧЫЛ *сын.* Чатак чыгарганды жакшы көргөн, чыр, урушчаак, жанжалчыл.

ЧАТАШ I *сын.* Илинишип, түйүлүшүп калган, чырмалышып калган, чатышып калган. *Чаташ жип.*

ЧАТАШ II *этиш.* 1. Илинишип, түйүлүшүп калуу, чатышып калуу, аралашып калуу. [*Чал*] *сакалынын чаташканын чыгарып, айрысын таянып бир аз карап турду* (Убукеев).

2. *өт.* Адашуу, татаал болгондуктан чечилишин таба албай жаңылышуу, баш аламан болуу. [*Студенттердин*] *чаташып жатышкан маселелерин* [*Матвеевич*] *түшүндүрүп кирди* (Бейшеналиев).

ЧАТАШУУ чаташ этишинин кыймыл атоочу.

ЧАТКАЯК *зат.* Чаттан тизеге чейинки эки арткы буттун аралыгы. *Үйлардын желиндери чатырап казандай болуп, чаткаяктарына батпай, түшкү, кечки саанда теңселе келишет* (Бейшеналиев). *Аныкмулпар жаныбар, Чаткаягы колоттой* («Манас»).

ЧАТУУ чаты этишинин кыймыл атоочу.

ЧАТЫ *этиш.* 1. Иретсиз чалып байлоо, илиништирүү, туш келди ороп, чырмоо.

2. *өт.* Кандайдыр ишке, абалга ж. б. дуушар болуу, чалынуу. *Башыңды таттуу кыял чатып алса, Толкундап отургандан эмне артык* (Үмөталиев). *Окусунан кайран жаш, Өлүмгө башы чатылып* (Тоголок Молдо).

3. Иреттүү, ыраатту түрдө болбоо, баш аламан түрдө болуу, ар кайсынын башын бир айтуу. *Бөрүбай молдо далай*

шарыяттын башын чатып өттү (Жантөшев).

ЧАТЫНА *этиш.* Жарык кетүү, сыныктетүү, жарака кетүү. *Табак чатынап кетиптир.*

ЧАТЫР *зат.* 1. Курулуштардын, имараттардын атмосфералык кубулуштардан сактай турган үстүнкү бөлүгү. [*Жамгырдан*] *үйдүн чатыры дабырап турду* (Сыдыкбеков).

2. Брезенттен, ак матадан ж. б. жасалып, төрт бурчунан керип коюлуучу, көбүнчө жайында колдонула турган жеңил үй. *Жайкы күн.. эрке Ысык-Көл толкуп жатыр, Боюна жоокерлер тиккен чатыр* (Маликов).

◆ **Кол чатыр** — жайылып-жазыла турган бөлүгү материя менен капталып сабынын баш жагына орнотулган, жаандан, күндөн сактануу үчүн колдонулуучу калканч. *Кыз үйгө кирип, чемоданы менен кол чатырын үйгө койду..* (Сыдыкбеков).

ЧАТЫР II *туур.* Кандайдыр бир нерсе сынып, жарылып же от чартылдап күйүп бараткандагыдай чыккан үндү же дабышты билдирүү же ошого салыштыра көрсөтүү үчүн колдонулат. *Чатыр-чатыр чатырады, Жалпы күйүп жанжагы* (Бөкөнбаев). *Согуш кабары чатыр этип асманды тең жарып өткөн чагылгандай тараган* (Сыдыкбеков).

ЧАТЫРА *этиш.* 1. Чатыр-чутур, чарт-чурт эткен дабыш чыгаруу, чартылдоо. *Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап* (Осмонов). *Чатырап муздар сынса да, Катуулап бороон турса да..* (Бөкөнбаев). *Арчалардын куу шактары жалын чыгарып, чатырай баштады* (Абдукаримов).

2. Дүрбөй түшүү, жапырт дүрбөө, туш-тушка таралуу. *Карышкырды көргөн койлор чатырап үркүп-үркүп жөнөдү* (Жантөшев).

3. Тарсайып, чыңалып чыгуу, чыңалып толуп чыгуу. *Семиргенде чатырап, Эмчеги жерге салаңдайт* (Осмонкул).

4. *өт.* Дүркүрөп өсүү, көбөйүү, жапырт өсүү, мыкты өркүндөгөн абалда болуу. *Чатырап колхоз, совхоз чарбаларың, Көбөйсүн төрт түлүгүң аман төлдөп* (Үсөнбаев).

ЧАТЫРАШ *зат. эс.* Өзүнө тиешелүү эрежелери бар шахмат оюну, шахмат. *Эргип ордо салышып, Чатыраш ойноп чатырап* («Манас»).

ЧАТЫРЛУУ *сын.* Чатыры бар, чатырлап жабылган. *Чатырлуу жаңы үй.*

ЧАТЫРЧА *зат.* Үйдүн, курулуштун ж. б. чатыры. *Чатырчасы шифер менен жабылган, Беш бөлмөлүү үйгө кирдим жакында* (Осмонкул).

ЧАТЫРЧАЛУУ *сын.* Чатырчасы бар, чатырлап жабылган. *Талас шаарынын түбүндө үйлөрү өзүнөй чатырчалуу жана бак-даактуу бир кыштак бар* (Каимов).

ЧАТЫШ I *сын.* 1. Чиеленишкен, чаташкан.

2. *өт.* Татаал, чатак, кыйын. *Чече албай буулуктуң, Узун ойдун Учу чатыш түрмөгүн* (Турусбеков). *Чатыш маселе.*

ЧАТЫШ II *этиш.* Чырмалышуу, оролушуу, түйүлүшүү, чиеленишүү. *Мышык чачып ойногон чарык жиптей чубалжып,.. чатышкандан чатышты* (Аалы).

ЧАТЫШТЫР чатыш этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАТЫШУУ чатыш этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЧ I *зат.* Адамдын баш терисинен чыккан кыл, калың узун түк. *Күмүш үндүү, колоң чач, Кош каркыра керме каш* («Манас»). *Буурул чачын сеңселтип, Апаңар күтөт силерди* (Аалы). *Чачын татынакай кылып артына карай тараган кара жигит — Омор* (Жантөшев).

◆ **Чач мончок** *к.* **мончок. Чач учтук** *к.* **учтук. Чач кап — чачпак** менен бирдей. **Чачтан көп** — өтө көп, абдан көп, сансыз көп. **Чач этектен болуу** — өтө мол болуу, абдан кенен, кеңири болуу. **Төбө чачы тик туруу** *к.* **төбө. Карын чач** — бала жаңы төрөлгөндөгү биринчи чач.

ЧАЧ II *этиш.* 1. Чачырап кеткидей кылып таштоо, ыргытуу, чачырата таштоо, төгүү, чачыратуу. [*Мамбеткул*] *колундагы тепшиге салынган жемди тоокторуна чачты* (Каимов). *Жамила дасторкон жайып, ага чача боорсок салды* (Баялинов).

2. Чогуу же иреттүү турган нерсени туш-тушка бириндете бөлүү, чачынды кылуу, чачкын, иретсиз түргө келтирүү. *Баарын чачтың көп көңдүн, Бекеринен тапкандай* (Үмөталиев). *Капанын баарын чачамын, Төштүк, Кабагың минтип ачамын, Төштүк* («Эр Төштүк»).

3. Ысырап кылуу, ыксыз жок кылуу, түгөтүү. *Шаар базарын ачамын, Атакемдин сан дүйнө Топуратып чачамын* («Манас»).

4. *өт.* Берүү, таратуу, жаюу. *Партия балдар үчүн билим чачкан, Билимди биздин балдар издеп тапкан* (Барпы).

5. Чачыратуу, таратуу. *Таң кабарын айткансып, чыгыштан чолпон нур чачты* (Жантөшев). *Эмгек кайнап колхозчулар кош айдап, Асмандан күн алтын шоола нур чачат* (Үмөталиев). *Чырак үлпүлдөп алсыз нурларын чачат* (Каимов).

◆ **Төкпөй-чачпай** — бирин калтырбай, толук, бардыгын тең. *Аңгыча Айнысахан болгон окуянын бардыгын төкпөй-чачпай айтып берди* (Жантөшев).

ЧАЧА *этиш.* Кекиртекке шилекейдин, тамактын бүдүрүнүн ж. б. кирип кетишинен болгон жөтөлүү.

ЧАЧАТ чача этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЧБАК чачпак менен бирдей.

ЧАЧҚЫН *сын.* Бытыранды, баш аламан, чачынды; бири-биринен алыс, чогуу эмес. *Кыштакта үйлөр бирине-бири жаңаша турбастан, ар кайсы жерде чачкын турат* (Абдукаримов).

ЧАЧҚЫНДУУЛУК *зат.* Бытырандылык, баш аламандык, чогуу эместик. *Тоо айлынын чачкындуулугу жаман* (Каимов).

ЧАЧМА: чачма күрүч—палоонун бир түрү.

ЧАЧПАК *зат.* Келиндер чачка тагуу үчүн чачылуу кара жибектен жасалган же күмүштөн ар түрдүү формада кооздотулуп жасалган жасалга. [*Улжан*].. *ордунан турганда соорусун жаба берген күмүш чачпагы шарк-шарк этет..* (Каимов). *Чачпагың учу шырп этет, жеңе* (Осмонов).

◆ **Чачпагын көтөрүп келүү** — биреөнүн шылтоосу менен экинчи бирөө ээрчий келүү.

ЧАЧТАРАЧ **чачтараш** менен бирдей.

ЧАЧТАРАШ *зат.* 1. Чачты, сакал-мурутту алуучу, тегиздөөчү жай, парикмахерская. *Муруттарым кара кылкан өңдөнүп, Чачтарашка эки ирет келтирди* (Аалы).

2. Чач, сакал-мурут алуучу, тегиздөөчү киши, парикмахер. *Чачтараш менен сүйлөшсөң, устара менен кайрагың айтар* (макал). *Атасы жумушчу, апасы чачтарач, Бектурдун баласын көр* (Шүкүрбеков).

ЧАЧТАШ *этиш.* Чачтан алышуу, чачтан алып урушуу.

ЧАЧТАШУУ **чачташ** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЧУУ **чач** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЧЫ *зат.* 1. Көбүнчө баш кийимдердин (мис., тебетей, топу ж. б.) төбөсүнө тагылуучу же жоолуктун ж. б. чекелеринде майда жипчелер, чачык. *Суусар тебетей, анын чокусунда көк мончок өткөрүп таккан узун кара чачы* (Аалы). *Узүгүн аппак бордоткон Этегин чачы тордоткон* (Тоголок Молдо).

2. Кээ бир малдын (мисалы, уйдун) куйругунун чачыланган уч жагы.

ЧАЧЫК **чачы** менен бирдей.

ЧАЧЫЛА I *зат.* Келин келген учурда конфет, кант, боорсок ж. б. чачып, таратуу салты. *Кокус келин келип калса, алдынан чачыла чачып койгула деп байбиче боорсок бышыртып да койгон жок* (Сыдыкбеков).

ЧАЧЫЛА II *этиш.* Чачы жасоо, чачы тагуу. *Шатен мончок тагып чачылаган саймалуу кызыл баштыктан тамеки алып, Асанга ажардана карады* (Аалы).

ЧАЧЫЛ **чач** этишинин туюк мамилеси.

ЧАЧЫН: жаан-чачын *к.* **жаан**.

ЧАЧЫНДЫ *сын.* Чогуу эмес, чаржайыт, баш аламан, бытыранды, иретсиз.

ЧАЧЫРА *этиш.* 1. Бириндеп-бириндеп бөлүнүп туш-тушка ыргуу, туш-тушка чачылуу. *Темирди жанчып жатат талкан-талкан, Чачырап кызыл учкун ар тараптан* (Бөкөнбаев).

2. Чачыла тийүү, жайылуу, тароо. *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Күндүн алтын нуру эми гана чачырап чыгып келатат* (Абдукаримов).

◆ **Көзү чачыроо** — кандайдыр бир нерсени өтө зарыга күтүү, абдан эңсөө. *Ушул жерден эле узап кетсек дегенде көзүм чачырап, мүнөт сайын кыпылдап күтүп жүрөм* (Элебаев).

ЧАЧЫРАНДЫ *зат.* 1. Кандайдыр бир нерсенин чачыраган майда бөлүктөрү. *Жарылып үйдөй темир тарсылдады, Талаага октой учту чачыранды* (Үмөталиев).

2. Бытыранды, иретсиз, чачкын. *Менин ар кай жерден сүйлөгөн чачыранды сөзүмдү алар дитин салып угуп турду* (Элебаев).

ЧАЧЫРАТ **чачыра** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧАЧЫРАТКЫ *зат.* Татаал гүлдүүлөрдүн тобуна кирүүчү, гүлү чачырап чыккан өсүмдүк. *Эрмен, чачыраткы чыккан жерлерине чалгы тийген эмес экен* (Касымбеков).

ЧАЧЫРОО **чачыра** этишинин кыймыл атоочу.

ЧАЧЫШ **чач** этишинин кош мамилеси.

ЧАЯН *зат.* 1. Жөргөмүш сыяктуу, чага турган уулуу жандык.

2. *өт.* Кичинекей көз-көз, илмекче кылып топчу сыяктуу байланган түйүн. *Чачыгын чаян чырмаган, Баш чалгычы жибектен* («Сариньжи—Бөкөй»).

ЧЕБЕЛЕКТЕ *этиш.* Чебеленүү, тынчы кетүү, чыдамсыздануу. *Ал чебелектеп чуркап эшикке чыкты* (Байтемиров). *Урмамбетов чыдай албай чебелектеп жиберди* («Ала-Тоо»).

ЧЕБЕЛЕКТЕН **чебелекте** менен бирдей.

ЧЕБЕЛЕКТЕТ **чебелекте** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕБЕЛЕКТӨӨ **чебелекте** этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕБЕЛЕН *этиш.* Шашып-бушуп жан талашуу, аябай чыдамсыздануу, тынчсыздануу же кандайдыр бир нерсеге кейиген, боор ооруган кебетеде тынчы кетүү. — *Кана, ылдамыраак, кокус бирөө кирип келип жүрбөсүн! — деп чебеленди* (Убукеев).

ЧЕБЕЛЕНТ **чебелен** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕБЕЛЕНҮҮ **чебелен** этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕБЕР *сын.* 1. Өз ишин мыкты билген кылдат, устат. *Дүйшөнкул чебер пулемётчик* (Бөкөнбаев). *Он эки кайрып күү черткен, Чебери болгон Токтогул* (Барпы).

2. Акырын, этияттык менен, кылдат түрдө. *Чоң эне Аскардын керебетинин жанынан мышыкча чебер басып, табыш чыгарбай өтүүчү* (Сыдыкбеков).

◆ **Колу чебер** — устат, иштүү. *Колу чебер аялдын Учугу түшпөйт ийнеден* (Барпы).

ЧЕБЕРДЕ *этиш.* Этият болуу, сак болуу, абайлоо, байкап аракет кылуу. — *Чебердениз, жарыктык. Жыгыласыз..* (Сыдыкбеков). — *Чебердегиле, кокус биреөнүн көзүнө чалынып калбайлы, — деген үндөр чыкты* (Жантөшев).

ЧЕБЕРДӨӨ **чеберде** этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕБЕРДИК *зат.* 1. Өз ишин мыкты билгендик, кылдаттык, усттаттык. *Баа-*

тырдыктан, чебердиктен Бизден эч ким артылбайт (Маликов).

2. Этияттык, сактык, акырындык. *Чалгынчылар өтө чебердик менен келе жатышты* (Баялинов). *Кагазды өтө чебердик менен ачты* (Жантөшев).

ЧЕБЕРЛЕ чеберде менен бирдей.

ЧЕБИЧ *зат.* Эчкинин бир жаштан өткөн ургаачысы. *Чынын айтсам, эч бир малга окшобойт, Өзүм баккан чебичтердин улагы* (Аалы).

ЧЕГЕ *зат.* 1. Өтүктүн таманына, ээрге ж. б. урулуучу кичинекей майда мык. *Босогонун сыртына, Болоттон чеге кактырган* («Манас»). *Ширинин ордуна жаркыраган күмүш чегелер менен бекемделген* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Тирек, таяныч, мыкты. «*Журтуна чеге болсун*» *деп, Жумуртка чайкап чыгарган Энеңер айтат саламды!* (Бөкөнбаев). *Чегеси элең жеримдин, Кадоосу элең калкымдын* («Манас»).

ЧЕГЕДЕК *зат.* Карагайдын бутагы. *Кебек карыя.. эки чегедекти чийне жасаттырып жиберди* (Байтемиров).

ЧЕГЕДЕКТҮҮ *сын.* Чегедеги бар, чегедеги көп, бутактуу (карагай жөнүндө).

ЧЕГЕЛДЕК чегедек менен бирдей.

ЧЕГЕЛЕ *этиш.* Мык уруу, чеге кадоо.

ЧЕГЕЛЕН чегеле этишинин өздүк мамилеси.

ЧЕГЕЛҮҮ *сын.* Чеге кадалган, чеге мыгы бар. *Субан.. күмүш чегелүү өрүк комузду сагынгандай тиктеп,.. үч кылды дирилдете баштады* (Каимов).

ЧЕГЕР II *этиш.* Тогоштуруу же ала турган нерсесин бересиси, карызы үчүн кармап калуу. *Ала турган акыма чегердим.*

ЧЕГЕРИЛ чегер этишинин туюк мамилеси.

ЧЕГЕРҮҮ чегер этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕГИЛ чек этишинин туюк мамилеси.

ЧЕГИН *этиш.* 1. Артка кетүү, кетенчиктөө, артын көздөй жылуу. *Оттун жалыны.. бир замматта тегеректи үп кылып жиберди эле, костёрду курчап тургандар артка чегине беришти* (Таштемиров).

2. Жеңилгендиктен артка кетүү, кайра артын көздөй жылуу, кайра тартуу. *Майдандын маанилүү багыттарында душман тобу чегинүүдө* (Сыдыкбеков). *Кыйындыктан чегинбес Пролетарчыл намысың* (Турусбеков).

ЧЕГИНДИР чегин этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕГИНҮҮ чегин этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕГИРТКЕ *зат.* Чырылдаган үн чыгарып секирип жүрүүчү же учуп кетүүчү чымын-чиркейлердин тобуна кирүүчү жандык; ушундай эле айыл чарба өсүмдүктөрүнө зыян келтире турган жандык (мис. кара чегиртке). *Кез-кезде гана чырылдаган, чегирткенин дабышы угулат* (Жантөшев). *Ат жеткен жердин аштыгын, Чегиртке талап жеп кеткен* («Манас»). *Чегирткеден корккон эгин экпейт* (макал).

ЧЕГҮҮ чек этиштеринин кыймыл атоочу.

ЧЕДИРЕЙ *этиш.* Курсагы чыгуу, курсагы бөрсөйүп, төмпөйүп көрүнүү.

ЧЕДИРЕЙТ чедирей этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕДИРЕКЕЙ *сын.* Курсагы чедирейип чыгып турган, курсагы бөрсөйүп чыгып турган. *Чедирекей курсак.*

ЧЕДИРЕҢ: чедирең-чедирең этүү — көбүнчө бою кичинекей болуп, курсагы чыгып турган балдардын кыймылын көрсөтүүдө колдонулат.

ЧЕДИРЕҢДЕ *этиш.* Чедирең-чедирең этүү, чедирең-чедирең эткен көрүнүштө болуу. *Жапар чедиреңдеп оюнчугуна келип [өзүнчө сүйлөй баштады]* (Аалы).

ЧЕДИРЕҢДӨӨ чедиреңде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЙИН *жанд.* Убакыт, мезгил, аралык жагынан болгон чекти көрсөтүүдө колдонулат. *Шашкеге чейин из куун, өзөндун башына чыктык* (Жантөшев). *Эшикке чейин эки кадам болсо да, Сакадайга эки күнчүлүк жолдой сезилди* (Жантөшев). — *Кана, жеңиңди чыканагыңа чейин түрчү?* (Бейшеналиев).

ЧЕЙРЕК *зат.* 1. Төрттөн бир бөлүктү түшүндүрүүчү өлчөм. *Кыргызстан чейрек кылым ичинде таанылгыс болуп өзгөрдү* (Сыдыкбеков).

2. Салмагы беш кадакка барабар болгон өлчөм бирдиги. *Эркиндин алдында эки чейрекке чыгар-чыкпас буудай төгүлүп жатат* (Жантөшев).

3. Окуу жылынын төрттөн бир бөлүгү. [*Токтобек*].. *биринчи чейректе эне тили менен географиядан «төрт» деген бааларга жетишти* (Таштемиров).

ЧЕЙРЕКЕР чайрыкер менен бирдей.

ЧЕК I *зат.* 1. Мамлекеттин же кандайдыр бир ээликтеги жердин ага тиешелүү экендигин белгилөөчү чети, белгиси. *Кыраан Манас — жаш бала, Чегине келди жеринин, Четине келди элинин* («Манас»).

2. Андан ашып же өтүп кетиши ылайыктуу эмес деп эсептелген шарт, чен, өлчөм, убакыт, белгилүү бир норма. *Уйку, тамактануу—баарына чек коюлду* (Бейшеналиев). *Күн узарып чегине жеткенде өсүмдүктөр урук байлайт* (Убукеев). *Келе турган күндөрүн, Жыйырма беш күнгө чек кылып* («Семетей»).

◆ **Чек ара** — жанаша турган мамлекеттердин же кандайдыр бир ээликтеги жерди территориялык жактан бири-биринен бөлүп туруучу сызык, тилке; эки чектин аралыгы. *Чек араны коргогон, Эл тынчтыгын ойлогон, Болсом экен сакчы дейт* (Осмонкул). **Чек арачы** — мамлекеттин чек арасын кайтарып, кызмат кылуучу аскер кызматчысы.

ЧЕК II *зат.* 1. Белгилүү сумманы алуу же башка жакка которуу үчүн банкыга көрсөтүлүүчү (берилүүчү) документ. *Чекти жаңы кассирдин наамына жаз* (Каимов).

2. Товардын төлөө баасы жазылып, кассага көрсөтүлүүчү квитанция жана ма-

газиндин кассасы сатып алуучудан акча алгандыгын белгилеп берилген кагаз.

ЧЕК III *этиш.* 1. Унааны арабага, чанага ж. б. кошуу. *Ар биринде бир кетмен, Кээ бирөө чеккен араба* (Осмонов).

2. Кандайдыр бир жумуш иштөөгө кошуу, дайындоо, белгилөө, жиберүү. [*Ал ишке*] *өзүн баштап мугалимдерди чегем* (Сыдыкбеков).

3. Тамеки тартуу, чылым тартуу, насыбай атуу. *Эч кимиң командасыз мылтык атпа, Чекпесин тамекини эч бириңер* (Үмөталиев). *Атам укалаган насыбайынан чеге кетти* (Жантөшев).

4. Азапка, жапага ж. б. туш келүү, кабылуу, дуушар болуу; сапар, жол ж. б. тартуу, баштан өткөрүү. *Ошондо Бүбүя да кунга кетти, Жазыксыз жашын төгүп, азап чекти* (Турусбеков). *Сайраган булбул элем, жапа чектим* (Шимеев). *Кандайдыр сапар чегип бараткаңыңа түшүнүп турам, балам, — деди* [*кемпир*] (Жантөшев).

ЧЕК IV *этиш.* 1. Кандайдыр катуу нерсени ургуучап оюу, из түшүрүү, кандайдыр бир жерин кетип оюу. *Ташты чегип кынаган, Бир-бирине улаган* (Үмөталиев). *Тегирменчи бизди эле күтүп тургансып, ташын оодарып, чегип жаткан экен* («Жаш ленинчи»).

2. *өт.* Астыртан сыр билгизбей сурап көрүү, билмексен болуп билип алууга аракет кылуу. *Ышкынаалы чегип сураган менен пайда чыкпасын билген соң, өтө аярлап калды* (Байтемиров).

ЧЕК V *сырд.* Эчкиңи кайырганда, айдаганда ж. б. колдонулат.

ЧЕКЕ *зат.* 1. Баш сөөктүн үстүнкү бет жак бөлүгү, маңдай. *Биздин арык казгандар Чекеси тердеп суу аккан* (Турусбеков).

2. Кандайдыр бир нерсенин чети, бир тарабы, бөлүгү. *Кийиз сатсаң айлыңа сат, бир чекесин жамына жат* (макал).

◆ **Чекеси жылыбоо** — кандайдыр бир нерсеге ыраазы болбоо, жакпылык көрбөө, жарыбай калуу. [*Кулбаш*] *нечен жылдар бою байларда чейрекер болуп жүрүп чекеси жылыбады* (Абдукаримов). **Кызыл чеке болуу** — талашып-тартышуу, кызыраңдашкан абалга жетүү. *Кызыл чеке болушуп, Уюштуруп тарапты* (Маликов). *Кызыл чеке болуп өтүлгөн сабактарды талкуулашасың* (Бөкөнбаев). **Чекеге чертип туруп** — тандап, абдан тандап туруп. *Сендей жакын көргөн иниме аялды чекеге чертип жүрүп алып берем* (Каимов). **Чеке-бели** — чет жакасы. *Сырдын чеке-белин чыгардым* (Жантөшев). **Чекесине черте албоо** — тие албоо, ура албоо. **Чекесине бүткөн** — бар болгону, башка жок. *Өзү чекеме бүткөн жалгыз ат* (Элебаев). **ЧЕКЕЛЕ: чекелеп басуу** — четтеп басуу, чет жак менен, чекеси менен жүрүү.

ЧЕКЕЛЕШ *этиш.* Мушташуу, урушуу. *Жусу Эркиндин белине бутун катуу уруп алып, экөө аз-аз жерден чекелеше кете жаздашты* («Жаш ленинчи»).

ЧЕКЕНДЕ *зат.* Бир түбүнөн бир нече сабак чыгып, көбүнчө кургак жерлерде топ-топ болуп өсүп, күлү көбүнесе насыбайга кошулуучу өсүмдүк. *Чекенде алып келип бербесем, жарым атым насыбай ала албасыма көзүм жетти* («Ала-Тоо»).

ЧЕКЕНДИ чекенде менен бирдей.

ЧЕКЕНЕ *сын.* Чакан, кичине, кичирээк, анча-мынча, бир аз. *Чекене тойго чаап, эки жолу чыгып, Алымга абийир алып берген* (Жантөшев).

◆ **Чекене баа** — товардын дааналап же аз-аздан бөлүнүп сатылуучу баасы.

ЧЕКЕНЕЛЕП *такт.* Аз-аздан, кичинекичинеден, анча-мынчалап. *Түкшүмөлдөп арак билип алгандай, Өз өмүрүн чекенелеп айта алды* (Аалы).

ЧЕКИ *сын.* Туура эмес, орой, ката. *Жапектин чеки иш кылганын байкап отурам* (Жантөшев). ..*Бирок трактору үч күн токтотуп койгонуңар чеки, — деди МТСтин директору* (Убукеев).

ЧЕКИЛДЕК *зат.* Кылыч өңдүү ичке учтуу жалбыректары, көгүш, саргылт же агыш түстүү чоң-чоң гүлдөрү бар топтошуп чыккан өсүмдүк.

ЧЕКИЛИК *зат.* Бейбаштык, туура эместик, орой каталык. *Уяттуу адамдар келди, чекилик кылышпасын, тартип сактап, адептүү болушсун* (Жантөшев). *Кокустан кетсе чекилик, Коёрсуң агай кечирип* («Чалкан»).

ЧЕКИР *сын.* Көздүн карегиндеги темгил, көлөкө, көгүш. *Чекири жок — кой көздүү, Сепкили жок — ак жүздүү* («Манас»). [*Керездин*] *ызакор чекир көзүн жаш чайып, жездесине жал-жал тигилди* (Бейшеналиев).

ЧЕКИРЕЙ *этиш.* Чекир көз менен кароо.

ЧЕКИТ *зат.* Жай сүйлөмдөрдүн аягына, кыскартылган кээ бир сөздөрдө (мис., ж. б.) коюлуучу тыныш белгиси.

◆ **Көп чекит**—кандайдыр бир себеп менен алдында же арт жакта айтылбай калган ойдун ордуна, же сүйлөм тизмегинен атайын түшүрүлүп айтылган сөздүн, мүчөнүн, сүйлөмдүн ордуна коюлуучу тыныш белги (...). **Үтүрдүү чекит** *к.* **үтүрдүү. Кош чекит** — бир өңчөй мүчөлөрдөн мурда айтылган жалпылагыч сөздөн, чечме сүйлөмдөгү негизги сүйлөмдөн кийин жана тике сөздөн мурда айтылган төл сөздөн кийин колдонулуучу тыныш белгиси (:).

ЧЕКМЕЛЕ *этиш.* Чегип сурап, билүүгө аракет кылуу, сыр билдирбей чегип сураштыруу. *Алдыртан чекмелеп сурап, Чоң Койчу тынбай Каныбекти тымызын издөөнүн аракетинде* (Жантөшев). *Сурасам да чекмелеп Теги-жайын билбедим* («Мендирман»).

ЧЕКМЕЛӨӨ чекмеле этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕКСЕ I *зат. диал. эс.* Болжол менен пуддун үчтөн бир бөлүгүнө барабар болгон өлчөм бирдиги. *Анча-мынча эгини бар дыйкандан чейректер, чекседен гана эгин алып бараттат* (Жантөшев).

ЧЕКСЕ II *зат.* Дары салгыч, дарылар салынуучу баштыкча. *Дарыгер аяр билгичтин Чекседе белен дарысы* («Манас»).

ЧЕКСИЗ *сын.* 1. Чеги жок; учу-кыйры жок, эбегейсиз зор. *Чексиз асман көк айнектей мелтиреп, Окшошконсуйт биздин жашыл жер менен* (Аалы).

2. Болжолсуз, абдан көп, абдан мыкты. *Ой курбалым Дүрдана! Чексиз чебер үн кана?* (Аалы). *Эки достун ушул минутадагы кубанычтары чексиз эле* (Жантөшев).

ЧЕКТЕ *этиш.* 1. Чегин ажыратып белгилөө, чегин көрсөтүү, айтуу. *Биздин колхоздун жер, суусун чектеп, картасына да тарттым* [*деди Орусбек*] (Сыдыкбеков).

2. Ашып кетүүгө же андан тышкары аракеттер жасоого жол коюлбастыгын көрсөтүп чек коюу. *Укугун чектеди.*

3. Белгилөө. *Кулактыкка тартышка чектептир* (Сыдыкбеков).

ЧЕКТЕЛ чекте этишинин туюк мамилеси.

ЧЕКТЕТ чекте этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕКТЕШ *сын.* Чеги бирге, жанаша жаткан. *Чектеш мамлекеттер. Чектеш эл.*

ЧЕКТИР чек этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЧЕКТӨӨ чекте этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕКТҮҮ *сын.* Чек коюлган, чектелген.

ЧЕКЧЕГЕЙ *сын.* Чекчейген. *Чекчегей көз.*

ЧЕКЧЕЙ *этиш.* 1. Кадала кароо, тикирее кароо, көзүн чекирейтип тирмие кароо. *Чепти көрүп чекчейип, «Кантебиз» деп мекчейип* («Эр Табылды»).

2. Кекирейген, бой көтөргөн түрдө болуу, мыкчыюу, кекирейүү. *Отундан эрте келбейт — деп, Байбичеси чекчеет* (Барпы).

ЧЕКЧЕЙТ чекчей этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕКЧЕЙҮҮ чекчей этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕКЧЕҢДЕ *этиш.* Бой көтөрүү, кырдануу, тынчсыздануу, чыкчыңдоо. *Сапар чекчеңдеп, сөзгө аралаша түштү* (Бейшеналиев).

ЧЕКЧЕҢДЕТ чекчеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕКЧЕҢДӨӨ чекчеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕКЧИ *зат. сүйл.* Чекте туруучу, чек арачы. *Чекчилер турат тоолордо* (Бейшеналиев).

ЧЕЛ I *зат.* 1. Мал терилеринин ички бетиндеги же эт менен терининн ортосундагы жука кабыкча.

2. Көзгө түшкөн ак, же көздүн карегин каптап калуучу жука кабыкча. *Көздү чел басуу.*

3. Жиптеги жука бүртүкчөлөр, быдыр түкчөлөр. *Жиптин чели.*

◆ **Эт менен челдин ортосунда болуу** — эки ортодо болуу, ал жакка да, бул жакка да ачык кошулбай эки ортодо эптеп мүлтүлдөп жашоо, кошоматчылык менен күн көрүү. *Эт менен челдин ортосунан күн көрүп, баарыдан мурда өзүңүздүн камыңызды ойлойсуз* (Каимов). *Эт менен челдин арасынан жай издеген* [*киши*] (Жантөшев).

ЧЕЛ II *этиш.* 1. Мүйүзү менен чолуп алуу; илип ыргытуу, чолуп сүзүү. *Сүзөнөк күрөң жайланып оттоп жаткандарды жиреп кирип көрүнөнүн туш келди челип, ыркыта бузат* (Бейшеналиев). *Жаман букаларчылап, мүйүзү менен күл челсе* (Сыдыкбеков).

2. Чолуп алуу, чолуп чукуу, казуу. *Шиш менен жерди челишип, Томурандап жаш балдар* (Токтогул).

ЧЕЛДЕ *этиш.* 1. Терини челинен тазалоо. *Терини жыгачка керип, мокок бычак менен челдеп, майын кырып салат* («Кыргызстан айыл чарбасы»).

2. Ийрилген жиптерди чий менен ары-бери сүрүп жылмалоо, челин, бүдүрлөрүн кетирип текшилөө. *Челдеген жип.*

ЧЕЛДЕТ челде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕЛДИР чел этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕЛДӨӨ челде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЛЕЙ *этиш.* Агып, солуп калуу (көбүнчө көзгө карата). *Жерге түшкөндө жыландын эки көзү челейип, агып түшкөн экен* (Баялинов).

ЧЕЛЕЙТ челей этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕЛЕК I *зат.* 1. Суюк нерселерди куюу үчүн ылайыкталып жыгачтан жасалган идиш. *Токтогул.. максым ачыткан челек менен кырма чойчөктү көрө коюп, сүйүнүп кетти* (Аалы).

2. *диал.* Чака. *Жамал челекти алып, сууга кетти* (Жантөшев).

◆ **Бал челек** — атайын аарыларды багуу үчүн ылайыкталып жыгачтан жасалган ящик. *Бал челектин бир тешиги болгондуктан, аарынын баары ошол жерден чыгып, ошол жерден кирет* (Таштемиров). **Сыя челек** *к.* **сыя. Башы челек болуу** — 1) аябай уруудан башы-көзү шишип кетүү. *Башы челек кан болду, Бүткөн бойдун баарысы Кыймылдагыс дал болду* («Манас»); 2) *өт.* башы иштебей дал болуп калуу, башы дүңгүрөөнсүп, ачыкдаана ой жүргүзө албай калуу.

ЧЕЛЕК II: алек-челек — чакчелекей, будун-чаң. *Жумушчулар жүктөп, автомашиналар ташып, алек-челек болду да калды* («Чалкан»).

ЧЕЛЕКЧИ *зат.* Челек жасоочу. *Жалгыз жыгач боорунан, Жарып алган челекчи* (Токтогул).

ЧЕЛИ чел II менен бирдей.

ЧЕЛИШ чел II этишинин кош мамилеси.

2. *өт.* Алышуу, кармашуу.

ЧЕЛИШҮҮ челиш этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЛК: челк-челк *туур.* Көбүнчө азгана бөксө болгон суюктуктардын урунуп чайкалышын билдирүү үчүн колдонулат.

Кымыз суудай чайкалып, челк-челк этет (Сыдыкбеков).

ЧЕЛКЕЙ *этиш.* Курсагы чоң болуп көрүнүү. *Бээлери турат челкейип, Эшик төрдөй суналган* (Осмонкул).

ЧЕЛКЕЙТ челкей этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕЛКЕҢДЕ *этиш.* Челкейген көрүнүштөгү кыймыл-аракетте болуу. *Челкеңдей басып байбиче, Челекке суусун алганы* («Манас»).

ЧЕЛКЕҢДӨӨ челкеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЛКИЛДЕ *этиш.* Челк-челк этүү, суюктук аз гана бөксө же бошоң толтура болуп, чайпала урунуу. *Чээнде жаткан аары чыгып, гүл соруп, Челкилдеген челек-челек балдары* (Калык).

ЧЕЛКИЛДЕТ челкилде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕЛКИЛДЕШ *этиш.* Кармашуу, алышуу, салгылашуу.

ЧЕЛКИЛДЕШҮҮ челкилдеш этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЛКИЛДӨӨ челкилде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЛПЕК *зат.* Майга бышырылган жумшак, жука нан. *Мустафа.. май сүртүп бышырган челпектен сугуна баштады* (Сасыкбаев).

ЧЕЛҮҮ чел этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕМЕН *зат.* Анча-мынча дарт, кесел, оору.

ЧЕМЕНДЕ *этиш.* Ооруп калуу, дарт тийүү, кеселдеп калуу.

ЧЕМЕНДЕТ чеменде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕМЕНДӨӨ чеменде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕМИРЧЕК *зат.* 1. Кабырганын үч жагынан тартып, төштүн аяк жагында, ичке жакын турган сөөктүн солкулдак бөлүгү. *Чемирчеги ийилип, курсагы сылмактана түшкөндө ғана* [*Көкө*] *челекти жерге койду* (Касымбеков).

2. Түбү желе турган өсүмдүк. *Кымыздыгы таяктай, Чемирчеги аяктай* («Семетей»).

ЧЕМИЧКЕ *зат. сүйл.* Күн карамаңын даны. *Чемичке чагуу.*

ЧЕМОДАН *зат.* Үстү жабылма капкактуу, кармоого туткасы бар, жол жүргөндө ар нерсе, кийим-кече ж. б. салууга ылайыкталып, булгаарыдан ж. б. жасалган ящиктин бир түрү. *Үйгө кирген жоокер жигит колундагы чемоданын бурч жакка койду да, Камка жакка басты* (Сыдыкбеков). *Анын эс-дарты Бейшекенин чемоданынын капкагынын ачылышында* (Бейшеналиев).

ЧЕМПИОН *зат.* Спорттук мелдештерде, оюндарда биринчиликти жеңип алгандарга берилүүчү наам жана ушундай наамга татыктуу болгон адам же команда. *Шахмат оюнунун дүйнөлүк чемпиону. Чемпион деген наамга татыктуу болгон команда.*

ЧЕМПИОНАТ *зат.* Спорттун кандайдыр бир түрү боюнча биринчилик үчүн жүргүзүлгөн спорттук оюндардын мелдеши.

ЧЕН I *зат.* 1. Белгилүү бир орун, жай, жер, аралык. *Саздын орто ченинде катар турган жети өргөө* (Каимов). *Сатар сыртка чыгып, жакын ченде ким бар болду экен деген ой менен айланага байкоо жүргүзө кетти* (Таштемиров).

2. Белгилүү бир убакыт, мезгил, маал. *Май айынын аяк чени, Башайыдай, саймадай* (Бөкөнбаев).

3. Белгилүү бир өлчөм, ченем. [*Костюм шымдын*] *ченинен жаңылбас үчүн кийип көрдү* (Каимов). *Алыс эмес жууктун Ченин билген ким экен?* (Тоголок Молдо).

4. Ал, чама, жөн-жай. *Бакдөөлөттүн балдары, Ченің менен кутургун* («Манас»).

◆ **Ченде жок** — болжолсуз, өзгөчө, бөтөнчө, сонун.

ЧЕН II *зат.* Кандайдыр бир нерсенин жаны, жакын чет жакасы. *Ченине жолотпойт ..Омор жүргөндө алар* [*балдар*] *бактын ченине келишпейт* (Сыдыкбеков). *Балбаның барбы элиңде? Баатырың барбы ченің де* («Эр Табылды»).

ЧЕН III *зат.* 1. Формалуу кийимдерде (аскердик ж. б. формаларда) ийинге тагылуучу белги, погон. *Сураймын десең эл мына, Кийсең тажы, чен мына* (Токтогул). *Анын кызыл чени бар, мурун командир болгон* (Аалы).

2. *эс.* Чин.

ЧЕНДЕ *этиш.* Жакындоо, жакын баруу, жакындап калуу. *Ой жер экен, сарайчыга али чендеген жокпуз* (Элебаев).

ЧЕНДЕТ ченде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕНДӨӨ ченде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕНЕ *этиш.* Өлчөө, чактоо, ченемине, өлчөмүнө ылайык келтирүү. *Саатка ченеп, сабагын берет* (Тоголок Молдо). *Баш-аягын метрлеп, Ченеп болбойт акылды* (Үмөталиев).

ЧЕНЕЛ чене этишинин туюк мамилеси.

ЧЕНЕМ *зат.* Өлчөм, белгилүү бир чен. *Кең төрлөр,.. жайылган мал, чынын айтсам, башым адашты. Болжолдоп ченемим жетпеди* (Сыдыкбеков).

ЧЕНЕМДҮҮ *сын.* Белгилүү бир ченемге ылайык, көп ашыкча эмес. *Ченемдүү оокат.*

ЧЕНЕМСИЗ *сын.* Чен жетпей тургандай, өтө мол, көп, абдан. *Бул кандай ченемсиз күч, кандай сырдуу толкун?* («Советтик Кыргызстан»). *Ченемсиз балбан мен болом* («Эр Төштүк»). *Чегинен адам өтпөскө Ченемсиз бекем кылдырган* («Эр Табылды»).

ЧЕНЕТ чене этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕНЕШ чене этишинин кош мамилеси.

ЧЕНӨӨ чене этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕНСИЗ *сын.* Чексиз, абдан, өтө. *Ченсиз чоң. Ченсиз күлүк.*

ЧЕНЧИ *таз.* 1. Чалгынчы.

2. *сүйл.* Жер ченөөчү топограф.

ЧЕҢГЕЛ *зат.* 1. Алаканга толтура жана салааларга кыпчый кармоо үчүн манжалары арбайта ачылган кол жана ошондой ачылган колго туура келерлик өлчөм. [*Алиман*] *бирөөнү үзүп алып чеңгелиңе салчы, чыныдан чоң көрүнөт* (Байтемиров). *Бир чеңгел эт.*

2. Алгыр куштардын мыкчый кармоо үчүн арбайып жазылган буттары. *Чеңгелин салып качырган, Курч тырмагын батырган* (Барпы).

3. Казанда бышып жаткан этти оодаруу үчүн ылайыкталып жасалган уч жагында уч ача илмек темири бар таякча. *Карабайдын колундагы темир чеңгел кулдун кежигесине* [*тийди*] (Жантөшев).

ЧЕҢГЕЛДЕ *этиш.* Чеңгели менен аткый кармоо, мыкчый кармоо. [*Аскар*] *ылайдан.. чеңгелдеп.. балдарды көздөй чачат* (Сыдыкбеков). *Жагалмай.. чеңгелдеген чымчыкты, чалгындарына калкалап,.. тез-тез чокуйт* (Аалы).

ЧЕҢГЕЛДЕТ чеңгелде этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕҢГЕЛДЕШ чеңгелде этишинин кош мамилеси.

ЧЕҢГЕЛДӨӨ чеңгелде этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕП *зат.* 1. Душманды өткөзбөө жана андан коргонуу максатында жасалган чындоо, сепил, тосмо. *Бийигин зоодой кылдырып, Жасап койгон чеби ошол* («Манас»). *Шаарды курчаган чептин кырына бирөө чыкты* («Жомоктор»).

2. *өт.* Калканч. *Тоо жердеген бурутка Тоодою Манас чеп экен* («Манас»). *Элиңде өзүң турганда, Эпкин тийбес чеп элең* («Эр Табылды»).

ЧЕПЕЙ *этиш.* Арык, жеңил, кичине көрүнүштө болуу. [*Чегиртке*] *ыгын келтирсе чепейип төрдө олтурмак* (Сыдыкбеков). *Шадыкан чепейген арык чырай гана сары киши* (Элебаев).

ЧЕПЕҢ: чепең-чепең *туур.* Чепейген арык, кичине кишилердин элпек, жеңил кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

ЧЕПЕҢДЕ *этиш.* Чепең-чепең этүү. — *Мөкүш туура айтат — деп,.. чап жаак арык чырай боз бала чепеңдеп тура калды* (Таштемиров).

ЧЕПИЛДЕ *этиш.* Өтө жеңилдик менен элпек кыймылдоо, аракеттенүү. [*Бектай*] *ачык-айрым, чепилдеген жеңил бала* (Бейшеналиев).

ЧЕПКЕН *зат.* Кабылбай, шырылбай эндей тигилген же ичи кабылып, сырты бош тигилген тыш кийим. *Токобай чепкенин желбегей жамынып эшикке чыкты* (Каимов).

ЧЕР I *зат.* 1. Берчтүү шишик. *Өпкө, боордо чериң жок, Же кагынып кеткен жериң жок* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Капа, кайгы, убайым, чогулуп жыйылган санаа, муң. *Көкүрөктө калың чер мына ошентип басылса* (Караласв). *Бел, чекеден, Эчен ирет тер кетти, Тери жууп, көкүрөктөн чер кетти* (Турусбеков).

◆ **Чер жазуу** *же* **чер таратуу**— капасын жазуу, бугун чыгарып, көңүлүн ачуу, кумардан кануу. *Улардай сайрап отурсаң, Уккандын чери тараган* (Токтогул).

ЧЕР II *зат.* Калың, жыш, чытырман токой, калың жыш чыккан бадал. *Токойдон ары барганда көпүрөсүз чоң суу. Чыгыш тарабы болсо өткөөл татаал майда калың чер* (Жантөшев). *Балырда балык ойногон, Черинде жолборс жойлогон* («Манас»).

ЧЕРВОН *зат. сүйл.* СССРде 1922-жылдан 1947-жылга чейин колдонулган баасы он сомдук кредиттик билет.

ЧЕРДЕГЕЙ *сын.* Күрсагы чердейген.

ЧЕРДЕЙ *этиш.* Курсагы чедирейген көрүнүштө болуу. *Ошол кезде менин көйнөгүмдүн жыртыгынан кардым чердейип турчу* (Элебаев).

ЧЕРДЕЙТ чердей этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕРДЕҢДЕ чедиреңде менен бирдей.

ЧЕРЕПИЦА *зат.* Үйдүн чатырын жабуу үчүн ылайыкталып жасалган, бышырылган жука карапа. *Үстү черепица менен жабылган үй.*

ЧЕРИК черүү менен бирдей.

ЧЕРТ *этиш.* Колдун манжаларын (көбүнчө сөөмөй менен ортонду) бармакка таяп туруп, серпип жиберүү, серпе уруу. *Акия.. эринин кулагын тырс-тырс черткилеп,.. шак-шак күлөт* (Сыдыкбеков).

2. Кылдуу инструменттерде (комуз, мандолинада ж. б.) колдун манжалары менен ойноо, ошондой инструменттерде кандайдыр бир күүнү ойноо, аткаруу. *Тогуз кайрык күү чертсе, Комузга кыйла түр керек* (Тоголок Молдо). *Токтогул черткен «Жаш кыял», Тыңдасаң боло Алымкан* (Токтогул).

3. Көбүнчө ордо ойнунда белгиленген тегеректин ичиндеги чүкөнү ж. б. абалак же томпой менен сыртка уруп, кагып чыгаруу. *Отуруп чертип чүкөнү Абакем кумар жазыптыр* («Эр Табылды»). *Чүкө чертер чоң оюн, Ичке түштү зор Манас* («Манас»).

ЧЕРТЁЖ *зат.* Белгиленген эрежеге ылайык кандайдыр бир тегиздиктин (кагаздын, досканын ж. б.) бетине шарттуу түрдө аткарылган графикалык сүрөт, чийме. *Шымаланып чертёжун Иштей берет кеч менен* (Аалы).

ЧЕРТЁЖНИК *зат.* Чертёжду даярдоо, чийүү боюнча специалист, адис.

ЧЕРТИГИЙ чертик менен бирдей.

ЧЕРТИК *сын.* Чедирейип чыгып турган (көбүнчө курсак жөнүндө).

ЧЕРТИЛ черт этишинин туюк мамилеси.

ЧЕРТИШ черт этишинин кош мамилеси.

ЧЕРТИШМЕК *зат.* **Чертишип ойноочу оюн.** *Ага чейин экөөбүз.. чертишмекти оюн баштап, алыбызды өлчөшүп турали* (**«Жомоктор»**).

ЧЕРТМЕК *зат. сүйл.* **1. Комуз.** *Эң акырын, дабыш катуу билинбейт, Чертмегинин алтын кылы дирилдейт* (**Аалы**).

2. Ордо ойнунда чүкөнү чертип чыгарууга жол берилген абал.

ЧЕРТМЕКЧИ *зат.* 1. Комузчу, комузду мыкты, жакшы черте билген адам.

2. Ордо ойнунда чүкөнү мыкты черте билген оюнчу.

ЧЕРТТИР черт этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕРТҮҮ черт этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕРҮҮ *зат. эс.* 1. Солдат, аскер, кол. *Черүүнү чексиз алыптыр, Беленденип калыптыр* («Манас»). *Эки черүү кирип калды чабышка* (Аалы).

2. Жүрүш, жортуул. *Жаман жарманын кызуусу менен черүүгө аттанат* (макал). *Аркимибиз камынып, Аттанабыз черүүгө* («Курманбек»).

◆ **Кара черүү** — *тар.* жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда эски (мурунку) кандидатураны жактоочу топ. **Ак черүү** — *тар.* жергиликтүү администрацияны шайлоо учурунда жаңы кандидатура койгон топ.

ЧЕСТЬ: честь берүү — аскердик тартип боюнча баш кийимине колун тийгизип туруп, салам берүү. *Омор командирине честь берди да, так бурулуп чыгып кетти* (Бөкөнбаев).

ЧЕТ *зат.* 1. Бир нерсенин чеке жагы, жээк жагы, түгөнгөн жери, уч жагы. [*Көсөл*] *күрөң бээни огороддун четине алып барып аркандады* (Каимов). *Селонун чыгыш жаккы четинде окшош салынган бир нече үй* (Жантөшев).

2. Башка, бөлөк, бөтөн (мис., өлкө, жер жөнүндө). *Чет эл. Чет мамлекет. Чет өлкө. Чет тил. РСФСРдин конституциясы чет тилдерге которулган болуучу* («Коммунист»).

3. Обочо, сырт жак, оолак. *Ооруну шылтоолоп четте калганым болбос деп, басып келдим, Сабыржан* (Сыдыкбеков).

◆ **Четтен чыгуу** — бир нерсени аткарууга, иштөөгө ынтызар болгондор, каалагандар көп болуу, оңой табылуу. *Бышкан мөмөгө күзөтчү болушка адам четтен чыгат* (Сыдыкбеков). **Чети өөлбай калуу** — али көп калуу, азайбоо, бир аз эле азаюу, коробоо. *Пахта дагы эле чети өөлбай жатат* (Байтемиров). **Бир чети** — бир жагынан. *Кемпир-чал Жийдегүлдү бир чети кызыгдай, бир чети келининдей көрүп алпечтейжен* (Сасыкбаев).

ЧЕТИН *зат.* Топ-топ болгон саргыч кызыл бүрлөрү бар, түз өсүүчү катуу жыгач. *Каныбек четиндердин арасы менен басып барды* (Жантөшев). *Чычырканак, шилби, четин, долоно, Өң үү өчпөс, өмүрү узун арча бар* (Осмонкул).

ЧЕТКИ *сын.* Чет жактагы. *Салык четки райондун колхозунун биринде жылкы фермасын башчысы болуп иштөөчү* (Каимов).

ЧЕТТЕ *этиш.* Четке бөлүнүү, обочолоо, оолактоо. [*Айсалкын*] *курбуларынан четтеп, жайдары мүнөзү өзгөрүп, суз болду* (Каимов).

ЧЕТТЕТ четте этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЕТТӨӨ четте этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЧ I *зат.* Көздүн карегин баскан кичине чел, ак. [*Жумаалы*] *далдайган, чоң, кара чаар, бир көзү чеч, шуңкуйган кара сакал неме* (Бейшеналиев).

◆ **Чечекейи чеч** *к.* **чечекей.**

ЧЕЧ II *зат.* 1. Кырманда иштегенде колдонула турган бешилик айры.

2. *эс.* Кырманда тазалангандан кийинки үйүлүп коюлган дан жана ошого карата көбүнчө улак союп элге берилүүчү тамак. *Зөөкүрдү шайтан кысканда, Келе жатып жолукту Чеч байлап кырман сузганга* (Тоголок Молдо).

ЧЕЧ III *этиш.* 1. Байланган, түйүлгөн нерсени бошотуу, ажыратуу, чыгаруу. *Галстугун мойнунан алды чечип, Кызыл туудай көтөрдү желбиретип* (Шүкүрбеков). *Артем баштыгынын оозун чечип жатты* (Жантөшев). *Азандан үйдү чечкиле, Бирөөң да калбай көчкүлө* (Үсөнбаев).

2. Кийилген кийимди үстүнөн кайра алуу, алып таштоо. [*Жигит*] *тыш кийимин чечип жең илденди да, катарга отурду* (Убукеев). *Жыртык тонун чече коюп карыя, Орой салды арык, туурук баланы* (Аалы).

3. Жообун табуу, жандырмагын баяндап айтуу. *Керкибайдын баш катырган көп суроолорун эмеси чечип бере баштады* (Каимов).

4. Чечимге келүү, жыйынтык чыгаруу, жыйынтыгын белгилеп көрсөтүү; жүзөгө ашыруу. *Партия чечкен чечимди Өтөөгө жаштар чечинди* (Бөкөнбаев).

ЧЕЧЕК *зат.* 1. Денеге ыйлаактанып, исиркектенип чыгуучу, адамды чыйрыктыра турган оор, жугуштуу оору. *Ал* [*жигит*] *арык чырай келип, бетинде чечектин тактары бар* (Абдукаримов).

2. Тилдөө маанисинде көбүнчө балдарга карата айтылуучу сөз. *Кет, чечек, жолобогун, арам тамак деп айтып айдап салдычоң» байбиче* (Токобаев).

◆ **Суу чечек** — денеге барсайып, ыйлаактап чыгуучу балдардын жугуштуу оорусу. **Ак чечек**, — тоодо өсүүчү тал сыяктуу жыгач. *Ак чечек, жаңак, ак кайың, четин. Алмалар желге ыргалат секин* (Абдыраманов). **Жер чечегин безөө** *к.* **безө.**

ЧЕЧЕКЕЙ *зат.* Каректин ичиндеги суулуу шарча. *Өлчөөсү жок өзгөчө Чечекейи чарадай* («Манас»).

◆ **Кара чечекей** — абдан, өтө жакын; өздөй болгон (киши жөнүндө). *Жаныңа ала турган кишилериң өзүңдүн кара чечекей жакының болсун* (Жантөшев). **Чечекейи чеч** — кубанычтуу, жарпы жазылган, көңүлү ачык, жайдары. *Бактыбек мактанган калыбында чечекейи чеч болуп, апасына жаркылдаган мүнөз менен карады* (Ташгемиров).

ЧЕЧЕКЕЙДЕЙ *сын.* Өтө жакын, абдан жакын, көздөй. *Бакыр алдуу, кой шыйрактуу бечара элек,.. чечекейдей жалгызымдын жанына аралжы боло көр* (Аалы).

ЧЕЧЕН *зат.* Сөзгө чебер, мыкты, көркөм сүйлөгөн адам. *Баатырдын көркү маңдайда, чечендин көркү таңдайда* (макал).

ЧЕЧЕНДИК *зат.* Чечен, мыкты сүйлөгөндүк.

ЧЕЧЕНСИ *этиш.* Өзүн чечен, мыкты, кыйын, сүйлөгөндөй көрсөтүүгө аракет кылуу, чечен көрүнүмүш болуу.

ЧЕЧЕНСИН **чеченси** менен бирдей.

ЧЕЧИЛ **чеч** этишинин туюк мамилеси.

ЧЕЧИМ *зат.* Кандайдыр бир маселе боюнча эмнелерди иштөө керек экендиги көрсөтүлгөн жыйынтык, токтом, корутунду ой.

ЧЕЧИН **чеч** этишинин өздүк мамилеси.

ЧЕЧКИН *сын.* Олку-солку эмес, шар; оюн, чечимин ачык жана даана билдирген, чечкиндүү. *Биз чечкинбиз шилтеп турган болоттой, Көрбөгөнбүз кездешкенди жоготпой* (Аалы). *Күлүкан өзүнүн чечкин жообун айтты* (Абдумомунов).

ЧЕЧКИНДИК **чечкиндүүлүк** менен бирдей.

ЧЕЧКИНДҮҮ *сын.* Олку-солку эмес, шар; оюн, чечимин ачык, даана, кескин түрдө билдирген, чечкин. — *Аскар Орусбекке чечкиндүү жооп кайырды* (Сыдыкбеков).

ЧЕЧКИНДҮҮЛҮК *зат.* Чечкиндүү болуу сапаты, чечкиндүү болгондук. *Иницинин чечкиндүүлүгүнө Бейшеке ыраазы болду* (Бейшеналиев). *Бул кыздагы жөнөкөйлүк менен чечкиндүүлүк кимди болбосун өзүнө тартмайынча койбойт* (Шимеев).

ЧЕЧКОР *зат.* Чечке катышуучу адам.

ЧЕЧМЕЛЕ *этиш.* Маанисин, жообун, сырын ж. б. чечип көрсөтүү, түшүндүрүү.

ЧЕЧҮҮ **чеч** этишинин кыймыл атоочу.

ЧЕЧҮҮЧҮ *сын.* Чече турган, жыйынтыктоочу; корутундулоочу, негизги. *Чечүүчү роль. Чечүүчү добуш.*

ЧИГЕ I *зат.* Чүкөнүн ичин көздөй кирип чуңкурайган жагы, бөгөсүнүн карама-каршы жагы, чик.

ЧИГЕ II *сырд.* Көбүнчө эчкилерди кайырууда, тосууда, айдоодо колдонулат.

ЧИГИРИМ *зат.* Койдун, эчкинин терилеринен жасалган жумшак булгаары. [*Өтүгү*] *чигирим булгаарыдан кептүү тигилген* (Сыдыкбеков).

ЧИГИТ *зат.* Пахтанын уругу. *Чигити жерге көмүлсүн, Козеги көзгө көрүнсүн* (Осмонкул).

ЧИДЕР I *зат.* Атты үч буттап тушоо үчүн илайыктап кайыштан өрүлүп жасалган тээктүү тушамыш. *Мен күрөң байталдын үч бутуна чидер салып коё берсем, ушул иримге түшүп өлгөн болуучу* (Сыдыкбеков). *Коңкулбоз атын жайдактап, Алтын бурма чидерди Алып келип баймактап* («Манас»).

ЧИДЕР II **чидээри** менен бирдей.

ЧИДЕРЛЕ *этиш.* Чидер салуу.

ЧИДЕРЛЕТ **чидерле** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧИДЕРЛӨӨ **чидерле** этишинин кыймыл атоочу.

ЧИДЕЭРИ *этиш.* Толготуу, мал туур алдында тынчы кетип, оолактап, обочо кетүү. *А мен болсом, жанагы кер бээ чидээрип калыптыр, аны Кара-Колоттун башындагы өтөкчөгө аркандап, жанына жатпасам болбойт,—деди* («Ала-Тоо»).

ЧИЕ I *зат.* Кичирээк кызыл-кызыл жемиштери бар жыгач жана анын жемиши. *Өзөндүн ичинде караган, чычырканак, чие сыяктуу даректар көп болучу* (Байтемиров).

◆ **Кызыл чие** *же* **кызыл чиедей балдары бар** — майда, кичинекей балдары бар. *Ал* [*Маманазар*] *азыр мына бул кызыл чиедей жаш балдарлуу суру качкан аялды көргөндө ээзни кейип кетти* (Жантөшев).

ЧИЕ II *зат.* Илмек байланбагандыктан кыйындык менен чечилүүчү татаал түйүн.

◆ **Кыя-чие** *к.* **кыя.**

ЧИЕЛЕ: чиелеп байлоо — илмек же башка түрдө байлабай, чие кылып байлоо.

ЧИЕЛЕН I **чиеле** этишинин өздүк мамилеси.

2. *өт.* Татаалдануу, чатышуу. *Чиеленген жаратылыш сырларын, Бирден талдап, элдик кылып чечейин* (Аалы). *Экөөнүн ою барган сайын чиеленип, келечек үмүт-төрү терске чыгуучудай болду*(Жантөшев).

ЧИЕЛЕНТ **чиелен** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧИЕЛЕНҮҮ **чиелен** этишинин кыймыл атоочу.

ЧИЙ I *зат.* 1. Топ-топ болуп бийик өскөн, сабактары ичке, катуу өсүмдүк. *Чийдин бийиктиги атчан кишинин бою менен тең* (Элебаев). *Кара жол бойлоп өскөн чийди аралап, Көрүндү кишн башы сереңдеген* (Турусбеков).

2. Боз үйдүн керегесинин сыртынан калап коюуга же бир нерсени тосууга ж. б. колдонулуучу ушул өсүмдүктүн катуу сабактарынан жип чырмалып жасалган буюм, калканч. *Капшыттан туурдукту ачып, чийди көзөп, Сундурдум ак бараңды төшүн көздөп* (Үмөталиев).

ЧИЙ II: чий көбүк—иткел менен бирдей.

ЧИЙ III *этиш.* 1. Сызуу, тартуу, сызык жүргүзүү. *Куду сендей чертёж чийген кыз көрсөм, Мүнөзүмдөн алагдылык кезигет* (Аалы). *Былтыр чийген чарбачылык картасын Быйыл кайта башка кылып тартасың* (Аалы).

2. Жазуу. — *Болуптур, мектеп көчүрүлсүн деп токтомуңарды чие бергиле* (Сыдыкбеков). *Ошентсе да, Уялдымбы, кайтарып кат чийбегем* (Нуркамал).

3. Тилүү, из түшүрүү, из салуу. *Буурусун чийген чийин жок, Суур казган ийин жок* («Манас»).

◆ **Жер чийүү** — жерге тийип сүйрөлүп жүрүү, жерге тиер-тийбес абалда болуу. *Шинелдерин бозортуп, этектери жер чийип, аскер агайлар келишер эле* (Сыдыкбеков).

ЧИЙДЕЙ *сын.* Ичке; катыңкы, арык.
ЧИЙДЕМ *зат. диал.* Чалап.
ЧИЙДИР **чий** этишинин аркылуу мамилеси.
ЧИЙИЛ **чий** этишинин туюк мамилеси.
ЧИЙИЛҮҮ **чийил** этишинин кыймыл атоочу.
ЧИЙИМ *зат.* 1. Оюу-чийүү. *Ар түрдүү түстөгү оюм-чийим менен жасалган шырдак* (Каимов).
2. Чийин.
ЧИЙИН *зат.* Чийилген сызык. *Буурсун чийген чийин жок, Суур казган ийин жок,* («Манас»). *Чийип койгон чийинди Кара баспай, ак басып, Кыйшыгы жок так басып* («Манас»).
◆ **Чийинден чыгуу** — жалпы эрежеден чыгуу; ашкере кетүү, тартиптен чыгып кетүү. *Тим койгон сайын чийинден чыгып баратат* («Ала-Тоо»).
ЧИЙИР **чыйыр** менен бирдей.
ЧИЙКИ *сын.* 1. Бышырылбаган, кайнатылбаган, куурулбаган, бышырылып толук даяр болбогон (азык-түлүк, тамакаш жөнүндө). *Чийки эт койбой салгыла, Бүт бышырып алгыла* («Эр Табылды»). *Чийки ботко. Чийки нан.*
2. Быша элек, али бышып жетиле элек (мөмө, жемиш, эгинге карата). *Чийки өрүк. Чийки дарбыз.*
3. *өт.* Абдан бүтпөгөн, чала. *Артым чийки акталбай, «Айдалып кетер бекем» деп, Ар нерсени ойлоном* (Токтогул).
◆ **Чийки буюм** *же* **чийки мал** — *эк.* сырье.
ЧИЙКИЛ *сын.* Чала кайнатылган эттин өңүндөй өң. [*Татыбектин*] *сары чийкил өңү өзгөрдү* (Байтемиров). *Сурмалуу көз, чийкил өңү Жалт-жулт этет кубанып* (Аалы).
ЧИЙКИЛЕЙ *такт.* Чийки бойдон, быша элек түрүндө.
ЧИЙМЕ *зат.* 1. Чийилген сызык; жүргүзүлгөн оюу-чийүү. *Ташты чегип чийме салган ташчыдай, Эмгек менен кырк алтыны аттаган* (Аалы).
2. *эс.* Черчение.
ЧИЙМЕКЕЙ: иймекей-чийимекей — ийри-буйру, текши эмес, каршы-терши. *Ал* [*Аскар*] *өзү чоң болгондогу тарткан картасын көр; иймекей-чийимекей бирдеме* (Сыдыкбеков).
ЧИЙМЕЛЕ *этиш.* Чийүү, сызуу, жазуу, чийгилөө. *Үйрөн-сүйрөң чиймелеп өз-өзүнө сүйлөнөт* (Бөкөнбаев). *Колдо калем, ак кагазды чиймелеп, Күңгүрөнөт, күлүмсүрөп сөз курап* (Шамшиев).
ЧИЙМЕЧИ *зат. эс.* Чертёжник.
ЧИЙНЕ *зат.* Чөп, саман ж. б. ташуу үчүн колдонулуучу ортосу майда чабак жыгачтар менен бириктирилген эки узун жыгач сүйрөткү. *Тоолордон чийне менен чөп, эгин ташып жүргөнбүз* (Абдукаримов). *Машиналар көбөйүп, Таштаган экен чийнени* (Тоголок Молдо).
ЧИЙНЕЧИ *зат.* **Чийне менен иштеген адам.** *Эки чийнечи көкбашынын короосунун бастырмасынын түбүндө олтурат* (Бейшеналиев).
ЧИЙҮҮ **чий** этишинин кыймыл атоочу.
ЧИК **чиге I** менен бирдей.
ЧИКЕРТ *зат.* Жеңил оору. *Эмне чикертиң бар?*
ЧИКЕРТТЕ *этиш.* Бир аз ооруп калуу, табы жок боло калуу. *Сен эмне, чикерттеп турасың бы?* (Бейшеналиев).
ЧИКИЛДЕК **чикит** менен бирдей.
ЧИКИЛДИК **чикит** менен бирдей.
ЧИКИТ *зат.* Узундугу 60—70 *см* келген таяк менен узундугу бир сөөмчө келген таякчаны чаап ойноочу балдар оюну жана ушул оюндун чабылып ойнолуучу кичинекей жыгачы.
ЧИКЧИЙ *этиш.* Кичинекей жана тыкан, бышык кебетеде болуу.
ЧИКЧИҢДЕ *этиш.* Чикчийген кебетеде тыкчындоо, тикчиндөө.
ЧИКЧИҢДӨӨ **чикчиңде** этишинин кыймыл атоочу.
ЧИЛ *зат.* Кекиликтен кичирээк, боз түстөгү илбээсин. [*Эсенгелди*] *жайында кекилик атып келсе, кышында эски кырмангага тузак тартып чилди жөн эле шатектеп кармоочу* («Жаш ленинчи»).
◆ **Чилдей тароо** — өз бет алдынча туш-тушка бириндеп кетүү, бытырап кетүү.
ЧИЛДЕ: кышкы чилде — кышкысын болуучу абдан суук кырк күн. *Кышкы суук чилдеде Сарайыңды жылуула* (Калык). **Жайкы чилде** — жайкысын болуучу өтө ысык кырк күн. *Жай чилдеде Кетмен чаап төккөн тер, Жайнап келет Капчыгайга эмгекчи эл* (Маликов).
ЧИЛМЕРДЕН I **чилтен** менен бирдей.
ЧИЛМЕРДЕН II *зат.* Жаргак менен капталган тегерек музыкалык инструмент.
ЧИЛМИГИЙ *сын.* Чилмийген, өтө арык, ичке, катыңкы.
ЧИЛМИЙ *этиш.* Өтө арык, ичке, катыңкы көрүнүштө болуу. *Адамдын боору ооруганда чилмийген колун калтыратып, жаман мата көйнөгүнүн этеги менен эңкейип, жашын сүртүп жатты* (Элебаев).
ЧИЛМИҢДЕ *этиш.* Өтө арык, катыңкы кебетеде, кыймыл-аракетте болуу. *Атасы комузун алганда, бала чилмиңдеген бойдон куржундагы атасынын тактекесин сүйрөп келип, тетиктеги илмегин атасынын колуна илди* (Элебаев).
ЧИЛТЕН: кырк чилтен — *миф.* адамдын көзүнө көрүнбөгөн, кандайдыр бир укмуштуудай касиетке ээ болгон жандар. *Кырк чилтен жардам бериптир, Кырааның абаң жаркырап, Калкына аман келиптир* («Эр Табылды»).
ЧИМИР *этиш.* Өз огунда катуу, тез тегеретүү, айлантуу. *Балкачы.. дөңгөлөктү туура жыгачтарынан.. кармап туруп бек чимирди* (Сыдыкбеков).
ЧИМИРИК *зат.* 1. Чимирип ойноочу оюнчук. *Чимирик чимируу.*
2. Чимирилген абал.
3. Өтө тез, шамдагай, элпек кыймыл-аракет. *Чар көпөлөк чимирик, Кылга*

бармак илинип (Токтогул). [*Мурат*] *Ансайын эпилдеп-жапылдап, жаны-маны калбай чимирик болуп чимирилип кетти* (Байтемиров).

ЧИМИРИЛ чимир этишинин туюк мамилеси.

ЧИМИРҮҮ чимир этишинин кыймыл атоочу.

ЧИМҚЫР *этиш.* Мурун аркылуу катуу дем чыгаруу менен мурундан чыгуучу чимкирикти таштоо. *Күлгө быр эттире чимкирип, мурдун тартып, бышактап ыйлап очоктун жанында жеңем отурат* (Элебаев).

ЧИМҚЫРЫҚ *зат.* Мурундан чыгуучу илээшме зат. [*Балдардын кээси*] *чимкиригин куюлтуп, ата-энесине келип жетти* (Жантөшев).

ЧИМҚЫРЫН чимкир этишинин өздүк мамилеси.

ЧИМҚЫРТ чимкир этишинин аркылуу мамилеси.

ЧИМҚЫРҮҮ чимкир этишинин кыймыл атоочу.

ЧИН *зат.* Аскердик жана граждандык кызматчылардын кызматтык даражасы. *Офицердик чин. Граждандык чин.*

ЧИНОВНИК *зат.* 1. Падышалык Россияда революцияга чейин болгон жана буржуазиялык өлкөлөрдөгү мамлекеттик мекемелерде иштөөчү кызматчы.

2. *өт.* Бюрократ, өз кызматына салкын мамиле кылган адам.

ЧИРЕ *этиш.* Менменсине ишенүү, бекем ишеничте болуу, таянуу. *Баатыр бекен от жүрөккө чиреген? Байкуш бекен элден кайыр тилеген?* (Аалы).

ЧИРЕЛЕ *этиш.* Буту-колун абдан керүү, буттарын абдан чирене керүү, кере сунуу.

ЧИРЕН *этиш.* 1. Керилүү, созулуу, колду-бутту керүү, чоюу. [*Мөкүш*] *бутун сунуп, аябай чиренди да, эстеп оозун чоң ачып койду* (Таштемиров). *Экөө аргамжыны чирене тартышат да, чалкасынан кетет* («САЖИ»).

2. *өт.* Бой көтөрүү, кыйынсып керкейүү, кекирейүү. *Дүйнөгө мас болуп чиренбеген токтоо* [*жигит*] (Сыдыкбеков).

◆ **Куу чирен** — кур бекер эле бой көтөргөн, керкейген көйрөң, эч нерсе иштебей эле чоңсунуп басып жүргөн киши.

ЧИРЕҢҮҮ чирен этишинин кыймыл атоочу.

ЧИРИ *этиш.* Ным болгондуктан көгөрүп бузулуп кетүү; борсуп бузулуп кетүү. *Жаан-чачын болсо, чабылган чөп чирип кетет* (Баялинов).

◆ **Чириген бай** — абдан бай. — *Чириген байсың го. Канча акчаң бар?* [*деди Сапар Бакага*] (Бейшеналиев).

ЧИРИК *сын.* 1. Чириген, чирип кеткен.

2. *өт.* Бекем эмес, таза эмес, ураган, кыйраганы калган. *Аластап чирик эскини Кайнады эмгек жык толду* (Бөкөнбаев).

ЧИРИНДИ *зат.* Чирип калган заттар. *Чиринди канчалык көп болсо, кыртыш ошончолук асылдуу боло тургандыгы белгилүү* («Айыл чарба журналы»).

ЧИРИТ чири этишинин аркылуу мамилеси.

ЧИРКЕ *этиш.* Улоо, бири-бирине улай байлоо, илиштирүү, улаштыруу, улап кошо байлоо. *Чубалтып вагондорун чиркеп алып, Алыстан жүрүп келет локомотив* (Шимеев).

ЧИРКЕЙ *зат.* Эки канаты бар, денеси ичке келген кан соруучу чымын-чиркейдин бир түрү. *Камыш, өлөң ичинде, Чиркейлер жүрөт зыңылдап* (Жантөшев).

ЧИРКЕЛ чирке этишинин туюк мамилеси.

ЧИРКЕМЕ *зат.* Биринин артынан бири, катарлаш улантылган, чиркештирилген бөлүк. *Чиркемеси бар машина.*

ЧИРКЕТ чирке этишинин аркылуу мамилеси.

ЧИРКЕШ чирке этишинин кош мамилеси.

ЧИРҚЫН *мод.* 1. Байкуш, кургур, курган. *Эчен ирет турууга баатырлык кылсам да, жүрөк чиркин баатырлык кыла албады* (Жантөшев). *Чиркин Шайыркул энесинин чачылганын жыйнап, үзүлгөнүн улаган берекеси эле* (Каимов).

2. Күчөтүү маанисинде өкүнгөндө, кайгырганда, кубанганда ж. б. учурларда колдонулат. — *Чиркин ой, боз аттын канаты барбы дейм* (Каимов). *Бүгүн көргөн эртең жок, О чиркин ушундай экен дүйнө бок!* («Манас»).

ЧИРКӨӨ I *зат.* Христиан дининдегилердин кудайга сыйынуучу жайы. [*Көчөнүн*] *так орто ченинде үч коңгуроо тагылган кичинекей ак чиркөө* (Баялинов).

ЧИРКӨӨ II: бетке чиркөө болуу — уятка кала турган абалга туш келүү, ыңгайсыз абалда калуу. *Береним коркуп сен качсаң, Бетиме чиркөө болбойбу* (Бөкөнбаев).

ЧИРКӨӨ III чирке этишинин кыймыл атоочу.

ЧИРҮҮ чири этишинин кыймыл атоочу.

ЧИРЧЕ *зат.* Жики сыяктанган майда дандуу чөп өсүмдүгү.

ЧИСЛО *зат.* Белгилүү бир күн, дата. *1941-жылдын декабрь айынын 16-числосу* (Жантөшев).

ЧОБУР *зат.* Асыл тукумдугу, чалыштыгы жок, тукур жылкы. *Түш оогон кезде чобурун минип Мусулманкул Ошко карай жөнөп калды* (Жантөшев). *Чобуру жок аргымак, Чоң байгеге жыйгандай* (Аалы).

ЧОГОЙНО *зат.* Бийик өсүүчү жалбырак, бутактары тикендүү өсүмдүк. *Уйлар жогорулап өрдөп олтурушуп, бийик жана калың өскөн тикендүү чогойно куурайларын аралашты* (Бейшеналиев). *Чогойно куурай чооруң тарт, Төштүк* («Эр Төштүк»).

ЧОГООЛ *сын.* Эр көкүрөк орой мүнөздүү, ачуусу чукул, эрдемсинген, кыялы чатак. *Боз калмактын чоң уулу Ары чогоол, ары эр* («Манас»). *Өзү чогоол, ичи тар, Көңүлүндө кири бар* («Мендирман»).

ЧОГООЛДУК *зат.* Эр көкүрөк, ороолук, ачуусу чукулдук, кыялы чукул урушчаак-

тык. *Чогоолдук кылса көтөрүп, Өжөрлүк кылса, өткөрүп, Кейишке салса, кечирип* («Манас»). *Кээде сенин чогоолдугуң мага да сөз тийгизип жүрөт* (Байтемиров).

ЧОГУЛ *этиш.* Жыйылуу, жыйналуу, топтолуу. *Акын Током келди деп, Аялэркек чогулду* (Токтогул).

ЧОГУЛТ **чогул** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОГУЛУУ **чогул** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОГУЛУШ *зат.* Жыйналыш. *Мал көчүрүү маселеси партиялык чогулуштарда иштелип чыкты* (Убукеев). *Салтанаттуу чогулуш кызуу алкыш, күчтүү жаңырык менен ачылды* (Сасыкбаев).

ЧОГУУ *такт.* 1. Бүт бойдон, жапырт. *Чоң ылама балбаны, Чоң Жолойдой калмагы Чогуу кирди жабылып* («Манас»).

2. Бирге. [*Бектай*] *Кычандар менен чогуу окуган* (Бейшеналиев).

ЧОЁКТО *этиш.* Кергиштөө, жактырбаган мүнөздө болуу, оозу-башын чоюштатуу. *Кийинки акылыңды айтып, көрөйүн! Ал эми мурункуң жок — деп, дагы чоёктоду* (Бейшеналиев).

ЧОЁКТОО **чоёкто** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЁКТОТ **чоёкто** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЁНДО **чоёкто** менен бирдей.

ЧОЗ *диал.* соз. менен бирдей.

ЧОЙ I *этиш.* Созо тартуу, созуу. [*Эркин*] *оң колу менен көйнөгүнүн оң жакы этегин чоюп, кудуңдап карай, Дарыяханга умтулду* (Жантөшев). *Колунун бырышкан терилерин чоюп-чоюп койду* (Жантөшев).

2. Көпкө созуу, создуктуруу, кечендетүү. *Андрей да тамашаны чойду* (Сасыкбаев).

ЧОЙ II *сырд.* Кой-эчкини кайырганда, тозгондо колдонулат. *..Динар үстүндүн үстүндө отуруп алып кыйкыра баштады: — Чой, чой, койлор* (Сыдыкбеков). *Короодон чыга жайылган, Койчулар чой деп кайырган* (Осмонкул).

ЧОЙКОЙ *этиш.* Кейкейип чоюлган, керилген кебетеде болуу; кергиштеп бой көтөрүү. *Алдында Буурул койкоюп, Көк жеке бутта чойкоюп, Асаба колдо кылкылдап, Боз кыйсе жанда шаркылдап* («Манас»).

ЧОЙКОЙТ **чойкой** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЙКОЮУ **чойкой** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЙРОЙ *этиш.* 1. Майрыюу, өөдүксөөдүк болуп кыйшаюу. *Мустафа.. чойройгон көө кепкасын бир көтөрүп.. каадасынча былдырады* (Сасыкбаев).

2. Чоюштап, кериштеген кебетеде болуу.

ЧОЙРОҢДО *этиш.* Оозу-башын кыйшандатып, обу жоктонуу, чоюштоо.

ЧОЙРОҢДОО **чойроңдо** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЙТОЙ *этиш.* Мыртыйып кыска көрүнүү (көбүнчө толугураак келген кыска бутка карата). *Бутту чойтоё сунуп жыргалын көрөбүз* (Бейшеналиев).

ЧОЙТОҢ: чойтоң-чойтоң *туур.* Көбүнчө мыртыйып кыска, толугураак келген буттун кыймылын билдирүү үчүн колдонулат. *Чойтоң-чойтоң теминүү.*

ЧОЙТОҢДО *этиш.* Чойтоң-чойтоң этүү. [*Бригадир*] *жорго байталын шарт камчыланып чойтоңдоп бастырып кетти* (Айтматов).

ЧОЙТОҢДОТ **чойтоңдо** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОК I *зат.* Күйүп, кызарып турган көмүр, от. *Майда чоктор тырсылдап баш-аламан ыргыйт* (Байтемиров). *Оттун чогу өчөйүн деп калган* (Жантөшев). *Эңкейип чок үстүнө жыгачтан таштап, Олтурат эки койчу маектешип* (Шүкүрбеков).

ЧОК II *зат.* 1. Кунан-тайлардын жалын кыркканда калтырылган топ кыл.

2. Кээде баланын чачын алганда төбөсүнө калтырылган топ чач.

3. Баш кийимдин төбөсүнө тагылуучу топ чачык. *Узун чок тагылган кызыл топуну* [*Шадыбек*] *ала кетти* (Аалы).

4. *тар.* Кытай жана калмак башкаруучуларынын баш кийиминдеги бөлүнүп турган атайын белги жана ушундай белгиси бар башкаруучулар.

◆ **Кызыл чок** — 1) *тар.* кытайлар; 2) *тар.* жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы. *Келди да Мамбетти «аттан түшкүн» деди, «Кызыл чок деген мен бир күчмүн» деди* (Турусбеков).

ЧОК III: чок ортосу — дал ортосу, нак ортосу. *Чок ортосунда.. карапага өндүрүлгөн сонун гүл буруксуп турар эле* (Сыдыкбеков). *Элдин чок ортосунда турган Андрей Ашырдын алдынан чыга учураштыы* (Сасыкбаев). **Алакандын чогу** — алакандын дал ортосу. *Мырсалы алаканынын чогуна жайыла түшкөн насыбайды ээрдине көтөрүп коюп, капшыттын түбүнө барып кыйшайып жатты* (Каимов).

ЧОҚМОР *зат.* Баш жагы уюлдуу келген союл. *Күүлөп алып чокморун, Күлүктүн боюн жыйнады* (Осмонкул). *Ура албаган чокмор өз башына тиет* (макал).

ЧОҚМОРОКТО *этиш.* Көп болуп бир жерге үйүлүшүү, жыйылып топтолуу, үймөлөктөшүп чогулуу. *Колхоздун башкармасынын мекемесинин капталындагы көк шиберде уй мүйүз тартып чокмороктогон эл* (Бейшеналиев).

ЧОҚМОРОКТОО **чокморокто** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОҚМОРОКТОТ **чокморокто** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОКОЙ *зат.* 1. Бодо малдардын чылгый терисинен, көбүнчө баш терисинен жасалган кончу кызыл ашыктан жогорураак келген бут кийим. *Бутумда кам териден кийген чокой, Сырдашым айдаган кой, ээн токой* (Барпы). *Чокой кийген бут куурайт, чогоолго берген кыз куурайт* (макал).

2. Кийизден (жүндөн) жасалга өтүк,

кийиз өтүк. *Үчөөнүн тең буттарында кийиз чокой* (Бейшеналиев).

ЧОКОЛОК *зат.* Тоонун чокусу, кырданып бөлүнүп чыгып турган чоку. *Куш-Күйгөндүн чокологуна чейин баргын да, эки төрдү чал* (Сыдыкбеков).

ЧОКОН *зат.* 1. Ордо оюнунда көбүнчө бир чүкө салып оюнда жок кишиге бир жолу гана атуу үчүн берилген кезек.

2. Ордо оюнундагы акыркы ойноо кезеги.

ЧОКОНДО *этиш.* Бир бутун жерге толук тийгизбей аксандай басуу, секендөө.

ЧОКТО I *этиш.* Чок коюу, милтелүү мылтыкка от коюу, тутандыруу. *Мылтыгын мыктап октоду, Милтесин бу да чоктоду* («Манас»).

ЧОКТО II *этиш.* Чок тагуу, топ чачык тагуу. *Тебетейдин төбөсүн, Үкү менен чоктодук* (Жантөшев).

ЧОКТОТ чокто этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЧОКУ I *зат.* 1. Баштын төбөсү. *Баласын койнуна катып чокусунан жыттап койду* (Байтемиров).

2. Бир нерсенин (көбүнчө тоонун) эң башы, бүткөн жери, кылды учу, абдан бийик жери. *Чокуларын туман чалган кырка тоолор* (Сасыкбаев).

ЧОКУ II *этиш.* Тумшугу менен жем үчүн аракет кылуу, тумшугун уруп тез тийгизүү, тумшугу менен ургулоо. *Жагалмай чымчыкты чалгындарына калкалап алып, карбаластап тез-тез чокуйт* (Аалы). *..Тал арасында.. карагай чокулап кайдадыр доңкулдак олтурат* (Сыдыкбеков).

ЧОКУН *этиш.* 1. Оң колун мандайына жана эки ийнине тийгизүү менен христиандык ырым-жырым жасоо.

2. Христиан динине өтүү, баш ийүү.

3. *өт.* Баш ийип калуу, биротоло таасирине берилип кетүү, таасиринен чыга албай калуу.

ЧОКУНДУК *сын.* Чокунган, чокунуп кеткен.

ЧОКЧО *сын.* Өтө толтура, үймө, чокчойгон. *Чокчо табак.*

ЧОКЧОГОЙ *сын.* Тигирээк келген шуңшугуй, чокчойгон. *Өнөр жай деген ушунда, —деди [Алымбек] чокчогой кепкасын саал көтөрө кийип* (Сасыкбакв).

ЧОКЧОЙ *этиш.* Дөмпөйүп, шуңшуйган көрүнүштө болуу. [*Анархан*] *Эркиндин алдында чокчоюп турган буудайга карады* (Жантөшев).

ЧОКЧОҢ: чокчоң-чокчоң этүү — 1) аксай басуу, чокоңдоо; 2) *өт.* Бирөөгө ыгы жок тыңсынып, буйрумуш болуу, ыгы жок тыңсынып, өкүм сүйлөмүш болуу, чоңсунуу. *Эмне эле мага чокчоң-чокчоң этип калгансың?* («Ала-Тоо»).

ЧОКЧОҢДО *этиш.* 1. Аксай басуу, чокчоңдоо, чокчоң-чокчоң этүү.

2. *өт.* Бирөөгө ыгы жок тыңсынып, буйрумуш болуу, ыгы жок тыңсынып өкүм сүйлөө. *Баатырсынып чокчоңдоп, Байкабай чаап басынба* (Осмонкул). *Чокчоңдоп кээде ал дагы, Чочугансып сын жазган* (Маликов).

ЧОКЧОҢДОО чокчоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ЧОКЧОҢДОТ чокчоңдо этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОКЧОЮУ чокчой этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЛ чолу менен бирдей.

ЧОЛЖОЙ *этиш.* Чолчоюу, чойроюу, майрыйып эби-сынынан бузулуп кетүү.

ЧОЛЖОЙТ чолжой этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЛЖУЙ чолжой менен бирдей.

ЧОЛО *зат.* Бош убак, колу бошой калган учур. *Бирок кыз бул оюн айткан жок, аны айтууга да чолосу тийбеди* (Каимов). *Ашыр үйүнө барып.. келүүгө чолосу тийбей жаткан* (Сасыкбаев). *Бекердин чолосу жок* (макал).

◆ **Чоло калтырбай** *же* **чолосу жок** — бүт, такыр эч жерин койбой, текши, жалпы. *Ар жеринде чоло жок, Ар түрлүү эгин себилди* (Осмонкул). **Ара чолодо** — иш арасында боло калуучу бош убакта. *Ара чолодо бир кычкач жасап бер* (Бейшеналиев).

ЧОЛОК *сын.* 1. Кыска. [*Иванов*] *чолок күрмө кийип.. темир жолду тейлеп жүрөт* (Сасыкбаев). [*Гүлайым*].. *гүлдүү, чолок жең жарашыктуу жеңил көйнөк кийип,.. маңкая түшкөн* (Бейшеналиев).

2. Бир колу же бир буту жок, колу же буту майып. *Чолок бутум менен эки буттуудан кем иштебесмин деп ойлойм* [*деди Жапар*] (Баялинов).

3. Куйругу кесилген же кыска, куйругу келте (көбүнчө малга карата). [*Мусабек*] *өзү көк чолокту минип,* [*Ашырды*] *..ээрчип алды* (Сасыкбаев). *Жардынын минип чологун, Салуучу бүлүк жасоолдор* (Турусбеков).

4. Терең эмес, кеңири эмес, үстүртөн ойлонулган. *Чолок акыл. Чолок ой.*

◆ **Чолок жаш** — көздөн мөлт деп бир аз эле чыккан жаш. [*Гүлнардын*] *кирпиктеринин учтары чолок жашка суулана түштү* (Сыдыкбеков).

ЧОЛОО чоло менен бирдей.

ЧОЛП *туур.* Шыпшынгандагы дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чоң эне ээрдин чолп эттирип шыпшынып койду..* (Сыдыкбеков).

ЧОЛПУ *зат.* Көбүнчө келиндер чачка тагуучу, бирине-бири тизилген тегерек тыйын сыяктуу күмүштөн кооздотулуп жасалган жасалга. *Силердин кыргыздар менден көбүнчө.. чолпу, чачпактык жасалгаларды.. алыша туруган* (Абдукаримов).

ЧОЛТОЙ *этиш.* Кыска, чолок көрүнүштө болуу. *Үстүндө чолтойгон бир эски кара тужуркеси бар* (Элебаев).

ЧОЛТОҢ: чолтоң-чолтоң *туур.* Көбүнчө чолтойгон, кыска буттун, колдун ж. б. кыймылын, көрүнүшүн билдирүү үчүн колдонулат.

ЧОЛТОҢДО *этиш.* Чолтоң-чолтоң этүү.

ЧОЛУ *этиш.* Олуй чукуу, олуп алуу.

◆ **Чолуп сүйлөө** — баштан аяк ирети менен сүйлөбөй, ар кайсы жеринен бир алып айтуу. *[Шарип] чолуп-чолуп суроо берип жоопталап кылат* (Бейшеналиев).

ЧОЛЧОЙ *этиш.* Эби-сыны кетип, майрыйып, чойрүйган, көөп, балчайып кеткен көрүнүштө болуу. *Чолчойгон чокой.*

ЧОЛЧОЙТ чолчой этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОМ *зат.* Унаа малдарга токуу үчүн кийизден калың кылып, жумшактап шырылып жасалган токулга. *Жоор торунун жонун жуун, жылуулап чом токуп коюшуптур* (Убукеев).

ЧОМУЛ чомун менен бирдей.

ЧОМУН *зат. сүйл.* Карта оюнунун бир түрү.

ЧОҢ *сын.* 1. Көлөмү жагынан зор, ири, кичиненик карама-каршысы. *Айбанаттын эң чоңу — Пилден козгоп сайрады* (Тоголок Молдо). *Мүйүзү чоң — каркайган, Бугу менен маралы* (Осмонкул).

2. Мааниси, күчү, тереңдиги ж. б. жагынан бир кыйла, олуттуу. *Пайдасы чоң. Мааниси чоң. Ролу чоң.*

3. Абдан белгилүү, таанымал, башкалардан айырмаланган. *Чоң уста. Чоң жазуучу. Чоң акын.*

4. Балалык доордон өтүп калган, эр жеткен, жашап калган. *Чоң да, кичине да ушул ырыста менин энчим көп деп мактанат* (Сыдыкбеков).

5. *өт. сүйл.* Жогорку бийлик кызматтарында иштеген адам, начальник. *Кечикпей чоңдорго көз көрсөтүп, ишимди илгери агызайын* (Сыдыкбеков).

◆ **Чоң ата** *к. ата.* **Чоң эне** *к. эне.* **Чоң сүйлөө** — өкүм сүйлөө, өйдөсүнүп, көтөрүлүп сүйлөө. *Чоңдук кылба жалгызга, Чоң сүйлөбө байкушка* (Токтогул).

ЧОҢДУК *зат.* 1. Көлөмүн, чоң экендигин билдирген өлчөм, чоң экендик. *Чоңдугу тоонун теңиндей* («Эр Төштүк»). *Пай-пай-пай, үйлөрдүн чоңдугун айтпа* (Байтемиров).

2. *мат.* Өлчөөгө, ченөөгө мүмкүн болгондордун баары.

3. *өт. сүйл.* Кызмат абалы жогору тургандык, өйдөсүнүп, өкүм сүйлөөчүлүк. *Шамбет.. сен мага чоңдук көрсөткөнүңдү койчу* (Сыдыкбеков).

ЧОҢОЙ *этиш.* 1. Көлөмү жагынан чоң боло баштоо, чоң болуп кетүү. *Көзүнө чоңоюп көрүндү* (Сыдыкбеков).

2. Өсүү, өсүп чоң болуу. *Кандай сонун дегиң келет Биз чоңойгон боз үйдү* (Аалы).

3. *өт.* Кеңейүү, көбөйүү. *Кетмен-Төбө базары Кенен тартып чоңойгон* (Токтогул).

4. *сүйл.* Кызмат даражасы жогорулоо.

ЧОҢОЙТ чоңой этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОҢОЮУ чоңой этишинин кыймыл атоочу.

ЧОҢСУН *этиш.* Мыктысынуу, бой көтөрүү, кекирейүү. *Чоңсунган жоону сомдоду, Айбаталап токмоктоп, Арстан Манас оңдоду* («Манас»).

ЧОҢСУНУУ чоңсун этишинин кыймыл атоочу.

ЧОО I *зат.* Чырпыктардан токуп себет сыяктантып жасалган балык кармагыч. *Желе тартып, чоо салып Айланпалуу жылгадан* (Тоголок Молдо).

ЧОО II: чоо-жай *зат.* Ал-жай, ал-абал, жөн-жай. *Сабыр кыл, апа! Алды менен иштин чоо-жайын түшүнсөң!* (Байтемиров).

ЧООР *зат.* Түтүк формасындагы музыкалык инструмент. *Алыстан угулган чоордун күүсүнө Бурма таң кала түштү* (Аалы). *Эриккен жаным чоорду алып сызгырылта баштадым* (Баялинов).

ЧООРЧУ *зат.* Чоор тартуучу, чоордо ойной билген адам. *Жума өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен* (Жантөшев). — *Кубатым, сен оңбогондой чоорчу турбайсыңбы* (Жантөшев).

ЧООЧУ чочу менен бирдей.

ЧООЧУН *сын.* 1. Тааныш эмес, тааныбаган, башка, мурда билбеген, бөтөн. *Салыктыкына экинчи жолу барсам, чоочун эки киши отурупту* (Қаимов).

2. Көнүмүштөн башкача, бөтөн, жат, өөн. *Айылга келерим менен ажы боло калышым эң эле чоочун, кулагыма серт угулат* (Аалы).

ЧООЧУРКА чочурка менен бирдей.

ЧОП *туур.* Өпкөндөгү, эмгендеги дабышты билдирүүдө колдонулат. *Деп Мурат тартып Дилбарды белден Чоп этип өпкөн албырган беттен* (Абдыраманов). *Бала упчусун чоп-чоп соруп, мемиреп уктап да калды* (Сасыкбаев).

ЧОПКУТ *зат.* Көбүнчө окко каршы кийиле турган жоо кийими. *Ок өтпөс чопкут, күрмө тон, Кат-катынан бөлүндү* («Сейтек»). *Ок өтпөгөн чопкуттар Канжыгадай тилинип* («Эр Төштүк»).

ЧОПО *зат.* Скульптура жана карапа жасоо ишинде, курулушта колдонулуучу, жердин үстүнкү катмарында жаткан, нымдалышкан кезинде жабышкак ылай сыяктанган топурак. *Тамдын ичи актал-баган, бирок ак чопо менен жакшылап шыбалган* (Жантөшев). *Сары чопо, кызыл чопо.*

ЧОПОЛУУ *сын.* Чопосу бар же чопосу көп. *Анын үстүнө бул жер ак чополуу эмеспи, бутка чайырдай жабышат* (Байтемиров). *Саргыч күрөң чополуу адырлар кардан бошонуп,.. дымыгып турат* (Сасыкбаев).

ЧОПУЛДА *этиш.* Чоп-чоп эткен дабыш чыгуу.

ЧОПУЛДАТ чопулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОР *зат.* 1. Өйкөлүүдөн же кысылуудан пайда болгон теринин калыңданып катуу баскан жери. *[Чоң Койчу] чор баскан салмактуу оң колу менен жерди түрсүлдөтө муштап-муштап койду* (Жантөшев).

2. Кандайдыр бир зыянга учурап же сынып кайра бүткөндө уруюп чыгып калган жер. *Сынбай сөөк чор болбойт* (Барпы).

◆ **Чор кайноо** — уруюп тоңуп калуу (көбүнчө муз жөнүндө). *Чор кайнаган муз сыяктуу салбыраган ак мурут* (Аалы).

ЧОРБО *зат.* Көбүнчө азоо жылкылардын эрдинен толгоп чормойто байлаган абал. *Чорбо кылуу.*

ЧОРБОЛО *этиш.* Чорбо кылуу, чорбо кылып байлоо.

ЧОРБУ **чорбо** менен бирдей.

ЧОРГО *зат.* Чайнектин, кумгандын ж. б. идиштердин суюктук куюлуу үчүн ылайыкталып түтүк сыяктуу жасалган бөлүгү; кран. *Эшиктен чоргосу сыныk кара чөвгүндү бир келин көтөрүп кирди* (Баялинов). *Оргуштап жердин астынан Чоргодон булак чубурат* (Маликов).

ЧОРДОН *зат.* 1. Булактын көзүндөгү суунун кайнап чыгып жаткан, уюлгуп, оргуштап чыгып жаткан жери, бир нерсенин уюлгуган, уюлгушуп топтолгон жери.

2. *өт.* Эң негизгиси, башкысы, борбору. *Байрагын көккө көкөлөтө көтөрүп желбиретип ойдогу максаттын чордону экенин унутпоого тийишпиз* (Жантөшев).

ЧОРКОК *сын.* 1. Эби жок, ыктуу эмес, иш жасай албаган, олдоксон. *Ишке чоркок. Ал [Айдай] эрке кыз көрүндү эле, кокус ийне сайганды билбеген чоркок [болуп жүрбөсүн]* (Каимов). *Жолдош болбо коркокко, Иш кылдырба чоркокко* (Токтогул).

2. *өт.* Ыксыз, орунсуз. *Чоркок суроону кайдан бердим, ыя? — деп, өзүмө-өзүм өкүнө түшкөм* (Таштемиров).

ЧОРКОКТУК *зат.* Эби жоктук, колу жөндөмдүү эместик. *Олдоксондук жаман адат, Чоркоктукту жеңели* (Осмонкул).

ЧОРМОГОЙ *сын.* Чормойгон, чорчогой. *Кулактары делдегей, эрди чормогой Чоно да ошолордун арасында эле* (Каимов).

ЧОРМОЙ *этиш.* Калыңыраак келип, чорчоюп же томпоё тартып чыгып туруу (көбүнчө эринге карата). *Эрди чормойгон бала.*

ЧОРМОЙТ **чормой** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОРО *зат.* Эпостук чыгармаларда: баатырлардын согуштук иштерге бирге катышып, таяныч, жөлөк болгон эң жакын жоокери.

◆ **Күн тийген жердин чоросу** — туруктуу эмес, кимдин иши илгерилеп турса ошонун сөзүн сүйлөп, кошулуп кеткен киши.

ЧОРТ: чорт сынуу — чукул, чарт сынуу. *Канчалык чебер урунсаң да, морт неме бир күнү чорт сынат экен* («Чалкан»). **Чорт айтуу** — кескин айтуу, кесе айтуу. *Жок, мен атым менен куралымдан айрылып, кыз албаймын — деп, жигит чорт гана айтты* (Аалы). **Кыялы же мүнөзү чорт** — кыялы чукул, орой. *[Бердинин] ачуусу чукул, кыялы чорт* (Жантөшев).

ЧОРТОН *зат.* Башынын үстү жагы жалпагыраак, денеси узунураак келген тузсуз сууда жашоочу жырткыч балык.

ЧОРТОҢДО *зат.* Кортоңдоо. *Чолок чаар жылкыдай чортоңдогон немесиң* (Токтогул).

ЧОРЧОГОЙ *сын.* Чорчойгон, чормоюп чыгып турган.

ЧОРЧОЙ *этиш.* Чормоюп, чурчуюп чыгып туруу. *Чорчоюп бери чыгып турган кокосу, жалпайган мурду көрүнөт* (Байтемиров).

ЧОРЧОЙТ **чорчой** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОС *зат. сүйл.* Жука тактай. *Асан үйүнүн үстүнө чос уруп жатат.*

ЧОТ I *зат.* Сабы кетмендикиндей сапталып отун кесүү, жаруу үчүн колдонулуучу курал. *Алым керегенин башындагы чот менен көтөрмөнү алып чыгып кетти* (Жантөшев).

ЧОТ II *зат.* Туурасынан тартылган ичке сымдарга жылып туруучу тоголок жыгачтар тизилген, эсеп ишинде колдонулуучу, төрт бурч рама сыяктанган курал, счет. *Колхоз малы асылданды дүркүрөп, Шаасы жетпей эсепчи чот какандай* (Аалы).

ЧОТАЛА *зат.* Карта ойногондор тарабынан картанын, үйдүн ээсине же башка адамдарга утуп алынган акчадан берилүүчү акча.

ЧОТОЛ **чотала** менен бирдей.

ЧОТТО *этиш.* Чот менен эсептөө; эсепке алуу. *[Ысак].. дөөлөттүүрөөк кишилерди чоттоп койгондур* (Абдукаримов).

ЧОТЧУ *зат. сүйл.* Чот кагуучу, чот менен эсептөөчү. *Кубаныч күү ай-ааламды баскандай, Далай чотчу, эсеп чотун какандай* (Аалы).

ЧОЧКО *зат.* 1. Буттары кыска, кемирчек сыяктуу тегерек тумшугу бар ача туяктуу сүт эмүүчү жаныбар.

2. *өт.* Тилдөө, жаман көрүү маанисинде айтылуучу сөз. *Калайманды калыкка Абыке чочко баштаптыр* («Манас»).

ЧОЧКОКАНА *зат.* Чочколор киргизилүүчү жай.

ЧОЧМОР **чокмор** менен бирдей.

ЧОЧОГОЙ *сын.* Чочойгон, соройгон, серейген.

ЧОЧОЙ *этиш.* Тик болуп сороюп, серейип, чокчоюп көрүнүү. *[Мышык] сандыктын бир жак бурчуна чочоюп тим олтуруп калды* (Сыдыкбеков).

ЧОЧОЙТ **чочой** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЧОҢДО *этиш.* 1. Чочойгон кебетедеги кыймыл-аракетте болуу.

2. *өт.* Чокчоңдоп тыңсынуу, корчоңдоо.

ЧОЧУ *этиш.* 1. Селт эте түшүү, коркуп селт эте түшүү. *Динар көзүн бакырайтып чочуп кетти* (Сыдыкбеков).— *Эмнеден чочуп өңүң бузула түштү, жеңеке?* (Жантөшев).

2. Шишүү, шишик пайда боло калуу, сезгенип шиший түшүү. *Бээнин желини чочуп, ошондон эки эмчеги тең жарабай калыптыр* (Жантөшев).

ЧОЧУЛА *этиш.* Кооптонуу. *Каныбек үңкүрдүн көрүнүшүн карап туруп, эмнегедир чочулагандай болду* (Жантөшев).

ЧОЧУЛОО **чочула** этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЧУРКА *этиш.* Бөтөн сезүү, жатыркоо, четтөө, чоочун сезип, батына албоо. *Тигил бечара болсо,.. чочуркап турат* (Сыдыкбеков).

ЧОЧУРКОО чочурка этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЧУТ чочу этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЧУУ чочу этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЮЛ 1. чой этишинин туюк мамилеси. 2. Керилген, жай кыймылдаган аракетте болуу.

ЧОЮН *зат.* Углерод кошундусу бар темирдин эритмеси, ушундай кошундусу бар катуу, ийилчээк эмес оор темир. *Чоюн куюучу цех.*

◆ **Чоюн жол** — *эс.* темир жол. *Зымыраган чоюн жолдо, Сойлоп поезд бараткан* (Бөкөнбаев). **Чоюн баш** — согушта колдонулуучу, башына чоюн уютулуп жасалган чокмор. *Болоттон кылган чоюн баш [Карадөө] кош колдоп кармап имерди* («Сейтек»).

ЧОЮШТА *этиш.* Оозу-башын кергиштетүү, жактырбаган түр менен чоёктоо.

ЧОЮШТАТ чоюшта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧОЮШТОО чоюшта этишинин кыймыл атоочу.

ЧОЮУ чой этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨБӨГӨ *зат.* Каймактын кайнатканда май бөлүнүп чыккандан кийинки түбүндө калган калдык. *[Абаздын алдына] нан, түндө сызгырылган майлуу чөбөгө бир келтирилди* (Таштемиров).

ЧӨБҮРӨ *зат.* Майда, кичинекей, жаш балдарга, балапандарга карата жалпысынан айтылуучу сөз. *Ушинтип эки үйдүкүн кошкондо жалаң чөбүрө балдар ондон ашык* (Элебаев).

◆ **Өбүрө-чөбүрө** *же* **мөбүрө-чөбүрө** — неберенин балдары.

ЧӨГӨЛӨ *этиш.* Эки бутту артка бүгүп, тизелеп отуруу, тизелеп турган абалда болуу. *Актан: элик талпактын үстүнө чөгөлөй отурып көрүк басууда* (Бейшеналиев). *Кааласаңыз мени жаныңызга алыңыз! — деп, Абдумомун бажаңдап чөгөлөй калды* (Жантөшев).

ЧӨГӨЛӨӨ чөгөлө этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨГӨЛӨТ чөгөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЧӨГӨӨЛӨ чөгөлө менен бирдей.

ЧӨГӨР *этиш.* 1. Тизесин бүгүп чөктүрүү, жаткызуу (көбүнчө төөгө карата). *Ашуунун түбүнө такай келип Куруш төөсүн чөгөрдү* (Убукеев).

2. Чөктүрүп, суунун же башка суюктуктун түбүнө түшүрүү. *[Кайырдын] мойнуна таш байлап, сууга чөгөрүп кетишет* (Аалы).

3. Тереңдеген, тереңирээк баткан абалга келтирүү. *Ой, трактор! Күлдүр-шалдыр, чөгөрө сал, терең алдыр* (Элебаев). *[Ашыр] фуражкасынын зэктемесин түшүрүп, чөгөрө кийип алган* (Сасыкбаев).

4. Батыра орнотуу, чөктүрө орнотуу. *Кароолуна келтирип, Калкайтып алтын чөгөргөн* («Семетей»).

◆ **Көңүл чөгөрүү** — кайгы-капага батуу, көңүлү чөгөт болуу, басынуу. *Маңдайыңды пас кылып, Жокчулукка көңүлүңдү чөгөрбө* (Каралаев).

ЧӨГӨРҮЛ чөгөр этишинин туюк мамилеси.

ЧӨГӨРҮҮ чөгөр этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨГӨТ: көңүлү чөгөт болуу — көңүлү чөгүү, кайгы-капага батуу , басынган абалда болуу. *Жаш неменин көңүлү чөгөт болбосун* (Жантөшев).

ЧӨГҮҮ чөк этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨЖӨ жөжө менен бирдей.

ЧӨЙРӨ *зат.* 1. Курчап турган айлана, тегерек. *Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо, какыраган таштак* (Жантөшев). *Бул үч дөбөнүн чөйрөсү сонун жер эмеспи* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Кандайдыр бир таасирдин, мамиленин, өз ара катнаштын ж. б. айланасы. *Борбордун калкы, асыресе, маданий чөйрөлөр кыргыз комузу менен таанышы* (Каимов).

ЧӨЙРӨЛӨ *этиш.* Алыстап кетпей, ыраактап кетпей ошол айланада жүрүү, болуу. *Ушу тегеректе эле чөйрөлөп жүрдүм.*

ЧӨЙЧӨК *зат.* 1. Көбүнчө жыгачтан жасалган аяктан кичирээк идиш, кичинекей аяк. *Айымбубу сыр чөйчөккө ачкыл куюп келип, Жапарга сунду* (Баялинов).

2. Гүлдөрдүн жана гүлдүн уругунун сыртынан каптап туруучу кабыкча. *Мемиреген эчен түркүн гүлдөр күн нурун чөйчөгүнө шимирип тосот* («Ала-Тоо»).

3. Абдан семиргенде көбүнчө жылкынын соору ченинде пайда болуучу тегерек оюкча. *Аттын чөйчөгү. Чөйчөк алып семирген ат.*

ЧӨК I *зат.* Көбүнчө орулган эгиндердин, куурайдын ар кайсы жерге топ-топ тесте кылып коюлгандагысы. *Бурулчанын оруп, чөк таштап кетип бара жаткан буудайларын бат эле боолап жибердик* (Баялинов).

ЧӨК II *этиш.* 1. Тизелерин бүгүп жатуу (көбүнчө төөгө карата). *Көкөтөйгө келгенде, Чөгүп берди кызыл нар* («Эр Төштүк»).

2. Суунун же кайдайдыр бир суюктуктун түбүнө түшүп кетүү, батып көрүнбөй калуу.

3. *өт.* Өтө карып, көбүнчө баспай отуруп калуу. *Чөгүп калган абышка.*

4. *өт.* Чөмүлүү, батуу (мисалы, ойго, санаага). *[Татыбек] санаага чөгүп кеткенин эстей коюп жымырыла түштү* (Байтемиров).

5. Төөлөрдү чөгөрүүдө колдонулуучу сөз. *Чөк! — деп койсо тил билген, Кыска кулак, кара көз, Ийри моюн, айры өркөч* (Осмонкул). *Чөк, какбаштын төөлөрү!* (Бөкөнбаев).

◆ **Чөк түшүү** *же* **чөк түшүп отуруу** — эки тизеси менен буттун башын жерге

тийгизип отуруу, чөгөлөө. [*Элдин*] *кай бирлери сыңар тизелеп, кай бири чөк түшүп отура калышты* (Жантөшев). **Көңүл чөгүү** *же* **көңүлү чөгүү** — капаланууу, кайгыруу, жабыр тартуу, жүдөө, басынуу.

ЧӨКӨ I: чөкө таан *к.* **таан.**

ЧӨКӨ II: чөкө түшүү — чөк түшүү менен бирдей.

ЧӨКТҮР чөк этишинин аркылуу мамилеси.

ЧӨЛ *зат.* Жамгыр аз жаай турган, суусуз, кургак, ээн талаа. *Чөлгө дагы сонун шаарлар салынды, Бардыгына электрлер жагылды* (Барпы). *Гүлдөтүп Казакстан суусуз чөлүн, Түрдөтүп Ала-Тоонун салкын төрүн* (Шимеев).

◆ **Чөл түшүрүү** — чакчелекей түшүрүү, баш аламан кылуу. *Чөл түшүрүп баарысын, Айлына куун барарда* («Манас).

ЧӨЛДӨ *этиш.* 1. Суусоо, чаңкоо. — *Олда, айланайындар ай, чөлдөп калышкан тура — дешип, туш-туштан жалына кетишти* (Таштемиров).

2. *өт.* Эңсөө, самоо. *Эски чакта эзилүүгө чыдабай, Ушул кыргыз таалай издеп чөлдөгөн* (Аалы).

ЧӨЛДӨӨ чөлдө этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨЛДӨТ чөлдө этишинин аркылуу мамилеси.

ЧӨЛКӨ *зат.* Айлана. *Бул чөлкөдө бул карыга Кандай акын жарашат* (Аалы).

ЧӨЛКӨМ чөлкө менен бирдей.

ЧӨЛМӨК I *зат.* Тигүүчү машинанын тигиштин астынкы жибин жиберип тартуучу бөлүгү.

ЧӨЛМӨК II: ак чөлмөк — эки топко бөлүнүп узундугу карыштан ашык болгон сөөктү же таякчаны ыргытып, кайра таап, түнкүсүн ойноочу оюн. *Ак чөлмөк ойноп тең өскөн, Жеңем калдың, эсен бол!* (Үмөталиев).

ЧӨЛМӨКТӨ чөөлмөктө менен бирдей.

ЧӨМ чөмү менен бирдей.

ЧӨМӨЛӨ I *зат.* Чабылгандан кийин ар кайсы жерге топ-топ кылып дөмпөйтүп чогултуп коюлган чөп. *Колхозчулар ошол биз тартып барган чөмөлөрдү үйө баштайт* (Таштемиров). [*Жамийла*] *чөмөлөрө айрыны ныгыра сайып, улам арабага өжөрлөнө силкип таштап жатты* (Айтматов).

ЧӨМӨЛӨ II чөмөлөлө менен бирдей.

ЧӨМӨЛӨЛӨ *этиш.* Чөмөлө кылуу, чөмөлө кылып, бир жерге чокчойтуп жыюу. *Бул жерде бир топ окуучулар болуп чабылган беделерди чөмөлөлөп, бир жерге топтой беребиз* (Таштемиров).

ЧӨМӨЛӨЛӨН чөмөлөлө этишинин өздүк мамилеси.

ЧӨМӨЛӨЛӨӨ чөмөлөлө этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨМӨЛӨЛӨТ чөмөлөлө этишинин аркылуу мамилеси.

ЧӨМӨР *этиш.* Сузуп алуу үчүн сууга, суюктукка идишти ж. б. батыруу, батыра сузуп алуу. *Арыктан бир чака суу чөмөрүп келип, радиаторго куйду* (Баялинов).

ЧӨМҮ *этиш.* 1. Чумкуу, сууга чумуу, суюктукка, терге батуу. *Терең сууга чөмүдү. Терге чөмүдү.*

2. *өт.* Батуу (мис., ойго, кыялга). *Кызынын бир ойго чөмүп кеткенин энеси байкайт* (Байтемиров).

ЧӨМҮЛ чөмү этишинин туюк мамилеси.

ЧӨМҮҮ чөмү этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨМҮҮЧ *зат.* Суюк нерселерди сузуп алуу үчүн колдонулуучу, ар кандай металлдардан жасалган, узунураак сабы бар тегерек чуңкур сузгуч. *Калай чөмүчтү батыра сузуп, чоң эне өзү идиштерге тамак үлөштүрө баштады* (Сыдыкбеков).

ЧӨМЧӨ *зат. диал.* Тумшугу ийри ултарылган өтүк.

ЧӨМЧҮЛӨ *этиш.* Кичинеден, азаздан берүү, чүмчүлөп берүү. *Сулай эне.. улам бирдемени алып келип, Абазга чөмчүлөп берип жатты* (Таштемиров).

ЧӨНДӨЛӨЙ *зат.* Суурдун баласы. *Ал [Осип] тоо-ташты, аскаларды кыбың-кыбың карап, корккон чөндөлөй кебетеленип келе жатат* (Сасыкбаев).

ЧӨНӨК *зат.* Казылган кичинекей чуңкурча, оюру бар чуңкурча. *Ташбай колундагы үч жылдык көчөттү тигил жаңы казылган чөнөккө өлчөдү* (Сыдыкбеков).

ЧӨНӨКТӨ *этиш.* Чөнөк жасоо, чуңкур кылып казуу, чуңкурча жасоо.

ЧӨНӨКТӨЛ чөнөктө этишинин туюк мамилеси.

ЧӨНӨКТӨӨ чөнөктө этишинин кыймыл атоочу.

ЧӨНТӨК *зат.* Акча же анчалык чоң болбогон буюмдарды салуу үчүн кийимдердин (пальто, шым ж. б.) сыртына же ичине кошо тигилген кичинекей баштыкча. *Жардынын чөнтөгүнө акча кирсе, турна болуп кыйкырат* (макал).

◆ **Чөнтөгү калың** *же* **чөнтөгү түптүү** — акчасы көп.

ЧӨНТӨКТҮҮ *сын.* 1. Чөнтөгү бар, чөнтөк салынган. *Төш чөнтөктүү көйнөк.*

2. *өт.* Акчалуу, акчасы көп.

ЧӨНТӨКЧҮ *зат.* Чөнтөктөн уурдап алуучу ууру. *Чөнтөкчү ууру.*

ЧӨҢӨР *зат.* Куурай, беде ж. б. чөптөрдүн чабылып, орулуп алынгандан кийин калган кыска катуу дүмүрү, сабагы. *Жылаң аяк бутуна чөңөр кирип, [Жылдызкандын] эки жери канап кетиптир* (Байтемиров).

ЧӨӨ *зат.* Ит тукумундагы көбүнчө тарптар менен тамактануучу жырткыч айбан. *Карагай-черлүү жеринде Чөө деген дагы бар* (Тоголок Молдо).

ЧӨӨГҮН *зат.* Чай же суу кайнатуу үчүн колдонулуучу туткасы, чоргосу бар идиш. [*Отко коюлган*].. *көк чөөгүн тез кайнады* (Сыдыкбеков). *Катарланган төөсүнө калайлуу кумган, жез чөөгүн Баарын жүктөп таштаптыр* («Эр Табылды»).

ЧӨӨЛМӨК *зат.* Чөөлмөктөп **калган суу же суюктук.**

ЧӨӨЛМӨКТӨ *этиш.* Бир жерге чогулуп, сарыгып токтоп калуу, сарыгып чогулуу, көөлгүп көп болуу (көбүнчө суюктук жөнүндө).

ЧӨӨЛМӨКТӨТ **чөөлмөктө** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧӨӨЛҮ I *зат. диал.* Суюк тамак-аштын, суюктуктун ичинен коюуларын сузуп алуу үчүн колдонулуучу сымдан же чийден жасалган сузгуч.

ЧӨӨЛҮ II *этиш.* Баштагысындай болбой чарчаган, чаалыган кебетеге келүү, күчү кайтуу.

ЧӨӨТ *зат.* Жаан-чачындан кийин же арыктагы суу соолгондон кийин, акпай ар кайсы жерге токтоп калган суу. *Жаандан калган чөөт суудай болуп* [*мелтирепт урат*] (Жантөшев).

◆ **Бөөт-чөөт** *к.* **бөөт.**

ЧӨӨЧӨК **чөйчөк** менен бирдей.

ЧӨП I *зат.* Ичке сабактуу бир жылдык же көп жылдык, көбүнчө тоютка жумшалуучу майда өсүмдүк жана анын тоют үчүн жыйналып ашыңгандагысы. *Ар бир түрлүү сонун чөп, Ыргалып турат тоолордо* (Тоголок Молдо). *Андрей эрте туруп алып уюна чөп салып, бастырмасынын үстүндө жүргөн* (Байтемиров).

◆ **Сары изине чөп салуу** — артынан сая түшүү. *Сары изине чөп салып, Манас шер саргарта кууп алды эми* («Манас»). **Оозун куу чөп менен аарчуу** — дайыма эле, бар болсо да, «жок» деп туруу. — *Качан болсо, оозуңду куу чөп менен аарчып жүрөсүң* (Байтемиров). **Көзүнө чөп салуу** *к.* **көз. Кой оозунан чөп албаган** *к.* **кой I. (Сен) жүргөн жерге чөп чыкпайт** — (сен) жүргөн жерде иш оңолбойт, сенден жакшылык күтүүгө болбойт деген мааниде колдонулат. **Ак чөп башымда** — жаңылып кеткен учурда «жаңылып кеттим, кечирип койгула» деген мааниде айтылуучу сөз. — *Байке, ак чөп башымда, мен сырды сактай албай, айтып коюптурмун* (Аалы). **Чөп кат** — китептин арасына салынуучу же окуганда ошону менен из кууп, жол кууп окуучу тасма. *Китептеги кандайдыр бир түшүнүксүз нерселерди колубуздагы чөп кат менен түрткүлөп окуур элек* (Баялинов). **Чөп ооз** — *тар.* бирөөнүн жерине малын жайып, оттоткондугу үчүн төлөнүүчү салык.

ЧӨП II *зат.* Ичтеги мезгилинде балдарын азыктандыруу жана зат алмаштыруу үчүн малдын жатынынын ичинде жаралуучу орган. *Койдун чөбү. Уйдун чөбү.*

ЧӨПКАНА *зат.* Жыйналган чөптү коюучу, сактоочу жай.

ЧӨПЧҮ *зат.* Чөп чабуу, чөп жыйноо иштерине катышып жаткан адам, чөп жыйноочу, чөп чабуучу. ..*Чуулдаган чөпчүлөрдүн бир тобу айылга чаап барып да келишти* (Айтматов).

ЧУ **чү** менен бирдей.

ЧУБА *этиш.* 1. Биринин артынан бири үзгүлтүксүз өтүү, жүрүү. *Койлор кыбырап чубай баштады* (Убукеев). *Солдаттар чубап келе жатышат* (Сасыкбаев).

2. Кандайдыр бир нерсенин жибин үзбөстөн сууруу, жандыруу.

3. *өт.* Улам бирин, биринен сала бирин алып чыгуу, көрсөтүү ж. б. *Назгүл* [*Эсенге*].. *алгандарын чубап көрсөттү* (Бейшеналиев).

◆ **Убап-чубап** *же* **убай-чубай** *к.* **уба.**

ЧУБАК *зат.* Шоола, күндүн нуру. *Саратан күн жалындап турган убак, Мунарып көз уялтып, түшкөн чубак* (Бөкөнбаев).

ЧУБАКТА *этиш.* Күн нуруна, шооласына кактануу. *Тамдын түбүндө күнгө чубактап, эки кемпир жүн тытып олтурат* (Тоголок Молдо).

ЧУБАЛ **чуба** этишинин туюк мамилеси.

ЧУБАЛЖЫ *этиш.* Биринин артынан бири чубаган абалда болуу, чубалыңкы абалда болуу, созулуп, узун көрүнүү. *Чоң кара атанды жетелеп, Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат.* (Жантөшев).

ЧУБАМА: чубама жол — чубап өтүүчү, биринин артынан бири гана чубап өтө турган жол. *Көк шагылдуу чубама жол менен кой-эчкилерди чубатып бара жаткам* (Сасыкбаев).

ЧУБАТ **чуба** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУБОО **чуба** этишинин кыймыл атоочу.

ЧУБУР *этиш.* 1. Биринин артынан бири жүрүү, чубоо. *Суукка чыйрыгып калган койлор чубуруп короого келе баштады* (Убукеев). *Кулун-тайы оюн салып чубурган, Кошкурушуп* [*так секирип*] *жулунган* (Осмонкул).

2. Суюктук же дан, кум сыяктуу чачылма майда заттар чубай куюлуу, чубай төгүлүү, биринин артынан бири агылуу. *Ар коктудан жаркырап, Миңдей булак чубуруп* («Манас»). *Байбиченин көз жаштары.. сурданган беттеринен талаа-талаа чубурду* (Сыдыкбеков). *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп аппак ун болуп чоң ящикке элеңүүдө* (Сыдыкбеков).

ЧУБУРТ **чубур** этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУБУРУУ **чубур** этишинин кыймыл атоочу.

ЧУЙДА: майда-чуйда *же* **майда-чүйдө** *к.* **майда.**

ЧУК *такт.* Толук, даяр, белен. *Хан Акундун эрлери Бүт жыйылып чук болду* («Семетей»).

ЧУКАК *сын.* Кемчил; бүлөсүз, баласыз. *Малга кемчил, башка чукак элем, ушул кызды мага кыйгыла, бала кылып асырап алайын* (Жантөшев).

ЧУКУ *этиш.* 1. Бир нерсенин учу менен чукурайтып түрткүлөө, ойгулоо, казгылоо, оюп алуу, олуп алуу, казуу. *Майлыбай.. камчысынын сабы менен жер чукуй берди* (Аалы). *Буурсун тийген чийин жок, Суур чукуган ийин жок* (Караалаев).

2. *өт.* Кандайдыр бир нерсе жөнүндө ашкерелеп, ачып салуу, ашкерелеп ай-

туу. *Кокус, ал ачуусу менен капкайдагы жашыруун сырды чукуп салбагай эле* (Каимов).

ЧУКУЛ 1. *такт.* Шашылыш, тезинен, кезексиз. *Чакырат сизди дароо дивизияга, Билбедим кандай чукул жумушу барын* (Үмөталиев).

2. Кескин, кыска, дароо, чукулунан. *Сен да жардам бермексиң, Жасоодо чукул бурулуш* (Турусбеков). *Керимахун карабай туруп гана чукул жоп берди* (Жантөшев).

3. Жакын, абдан жакын. *Кыраан Манас жаш бала Бет алып чукул барды эми* («Манас»).

◆ **Ачуусу чукул** *же* **кыялы чукул** — ачуулуу, ачуусу тез келе турган, корс. *Абаздын апасы Жаңыл.. ачуусу чукул, бирок ак көңүл адам эле* (Таштемиров).

ЧУКУЛ II чуку этишинин туюк мамилеси.

ЧУКУЛДА *этиш.* Жакындоо, жакын калуу, аз калуу, чукул калуу. *Элдин жайлоого чыгуу мезгили чукулдап калган* (Жантөшев). *Жүрүш бүттү. Чукулдады бөлүнүш, Ишибизди тыянактай баштадык* (Аалы).

ЧУКУЛДАТ чукулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУКУЛДОО чукулда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУКУЛДУК *зат.* Көбүнчө таштуу жерлерде же катуу тоо тектеринде иштөө үчүн колдонулуучу эки жагы тең учтуу, шилтеп чабууга ылайыкталган курал. *Чукулдугум колумда, Тоону бузам, көрүп ал!* (Сасыкбаев).

ЧУКУЛУК чукулдук менен бирдей.

ЧУКУЛУНАН *такт.* Дароо, күтүүсүздөн, түздөн-түз; тез арада. *Чукулунан чыга калуу. Чукулунан сөз табуу. Чукулунан баруу.*

ЧУКУР чуңкур менен бирдей.

ЧУКУРАН *этиш.* Уйкуда жатып козголуу, ыңгырануу (көбүнчө балага карата). *Токтогул.. чукураның барып кырынан жатты* (Аалы).

ЧУКУРАНУУ чукуран этишинин кыймыл атоочу.

ЧУКУУ чуку этишинин кыймыл атоочу.

ЧУКЧУЙ *этиш.* Чуштуйган ичкерээк көрүнүштө болуу. *Мамырбай аке ушундай көзү сурмалуу, чукчуйган кара киши болучу* (Касымбеков).

ЧУКЧУҢ: чукчуң этүү *же* **чукчуң-чукчуң этүү** — жактырбаган же ачуусу келип мулуңдап, башын чулгуп койгондой мүнөз көрсөтүү. *Үчүнчүсү жетпей калып ызалуу, Чукчуң этип мойноп кетти таарынып* (Аалы).

ЧУКЧУҢДА *этиш.* Чукчуң-чукчуң этүү.

ЧОКЧУҢДОО чукчуңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУЛГА *этиш.* 1. Ороо, чалып ороо, курчап ороо. *Башын жун жоолук менен чулгап алган* (Сасыкбаев). *Баштарында ак чүпүрөк, кээ бирөөлөрү ээк алгычы менен кошо чулгаган* (Аалы).

2. *өт.* Каптоо, каптап алуу, айланасын курчап алуу. *Буржуйган кара булуттар Тоолордун башын чулгады* (Аалы).

ЧУЛГАН чулга этишинин өздүк мамилеси.

ЧУЛГОО I *зат.* Бут кийимдердин (көбүнчө өтүктүн) ичинен бутка ороочу бир бөлүк же бир тилке кездеме. *Суу болгон кийиз чокоюн чечип, запас чулгоосун оронуп, кургактап кийинди* (Сыдыкбеков).

◆ **Ороо-чулгоо** — бала орой турган чүпүрөктөр. *Эки аял балдардын ороо-чулгоо төшөнчүлөрүн иреттеп жаткан экен* (Убукеев).

ЧУЛГОО II чулга этишинин кыймыл атоочу.

ЧУЛГУ *этиш.* Башты ийкей булкуу, башты булка кыймылдатуу. *Кула кер, минген аты жорго басык, Кубулжуйт, башын чулгуп жорто басып* (Осмонкул).

ЧУЛДУК *зат.* Буттары узун, ичке узун тумшуктуу, анчалык чоң болбогон саз кушу. *Өрдөк жокто чулдук бий* (макал).

ЧУЛДУР *сын.* Сүйлөгөндө «р» менен «л» тыбышына тили келбеген, «р», «л» тыбыштарын так, туура айта албаган (көбүнчө балдарга карата).

ЧУЛДУРА *этиш.* 1. Кээ бир тыбыштарды (мис., «л», «р») туура айта албоо, ушул тыбыштарга тили так келбей сүйлөө.

2. Сайроо. *Торгойлор адырдын ысыгына камыккан эмедей, асманга бийик көтөрүлүп чулдурашат* (Абдукаримов).

3. Анча-мынча, эптеп-септеп сүйлөө, так сүйлөй албоо, түшүнүксүз болгон сөздөрдү айтуу. *Ал кытайча бир аз чулдурайт. Чулдураган солдаттар Билбейт го менин жөнүмдү* (Токтогул).

ЧУЛДУРАТ чулдура этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУЛДУРАШ *этиш.* Анча-мынча сүйлөшө коюу, бир аз билген сөздөрү менен анча-мынча кужулдаша коюу.

ЧУЛДУРОО чулдура этишинин кыймыл атоочу.

ЧУЛП *туур.* Сууга ж. б. суюктукка бир нерсе түшүп кеткенде пайда болгон дабышты билдирүүдө колдонулат. *Сууга түштү Чолпонбай, Сүрдөбөстөн чулп этип* (Осмонкул).

ЧУЛПУЛДА *этиш.* Чулп-чулп эткен дабыш чыгуу (мис., сууга түшкөндө, сүзгөндө).

ЧУЛПУЛДАТ чулпулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУЛУ *сын.* 1. Уюлгуган чың, бир бүтүнгө бириккен нык. *Зайна борчукка чыгууга аракеттенди эле, мизилдеген чулу таштан жылбышып кайра түштү* («Жаш ленинчи»).

2. *өт.* Москоол, олбурлуу, чымыр, чың денелүү (кишиге карата). *Кычан Атайдан кырдуураак, чулу* (Бейшеналиев).

ЧУЛУЙ *этиш.* Мурчуюу, мулуйган абалда болуу. *Көздөрүнүн агы менен чулуя карап орундарынан кыймылдашпады* (Сасыкбаев). *Чулуйган Сатар да тотуга түштү* (Бейшеналиев).

ЧУЛЧУГУЙ *сын.* Чулчуйган, чулчуйган шишиги бар; бети чулчуйган толук.

ЧУЛЧУЙ *этиш.* Бултуюп толук болуп көрүнүү, көбүнчө эки уурту бултуюп туруу. *Түйлүсү чыгып, эки бети чулчуйган Атакан бай.. келди* (Абдукаримов).

ЧУЛЧУЙТ чулчуй этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУЛЧУК *сын.* Чулчугуй, бети чулчуйган, эки уурту чулчуйган.

ЧУЛЧУҢ: чулчуң-чулчуң *туур.* Көбүнчө жаагын чулчуйта чайнагандагы көрүнүштү, кыймыл-аракетти билдирүү үчүн колдонулат.

ЧУЛЧУҢДА *этиш.* Чулчуң-чулчуң этүү. *Бирөө чулчуңдап чайнап жатып, эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук кылды* (Элебаев).

ЧУЛЧУҢДАТ чулчуңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУЛЧУҢДОО чулчуңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУМ чуму менен бирдей.

ЧУМА *зоол. мед.* Өтө жугуштуу эпидемиялык катуу оору.

ЧУМКУ *этиш.* 1. Чөмүү, сууга чөмүү, сууга бүт денесин матырып кирип кетүү. *Балапан эч нерседен коо санабай, көлгө чумкуп, канат-башын каккылап таранат* (Жантөшев).

2. *өт.* Батуу (мис., ойго, кыялга).

ЧУМКУТ чумку этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУМКУУ чумку этишинин кыймыл атоочу.

ЧУМУ *этиш.* 1. Чумкуу, сууга чөмүү, чөмүлүү. *Шыргалаң муздак сууларга, Чумуп чайкап алчу эле* (Каралаев).

2. *өт.* Батуу (мис., ойго, кыялга). [*Керкибай*] *түнү менен таттуу кыялга чумуп уктабай чыкты* (Каимов).

ЧУМУЛ чуму этишинин туюк мамилеси.

ЧУМУУ чуму этишинин кыймыл атоочу.

ЧУНАЙ *этиш.* 1. Кулагы жок же өтө кыска, чолок болуп көрүнүү. [*Жарбаңды*] *Маймыл десең түрүш баш Кулагы жок чунайган* (Аалы).

2. Кулагын жапыруу (көбүнчө жылкыга карата).

ЧУНАЙТ чунай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУНАК *сын.* 1. Кулагы жок, бир кулагы жок же чолок кулак, кулагы кыска. *Кулакчыңды түшүрүп ал, кокустан чунак.. болуп каласың* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Бактысыз, кырсыктуу, кара жолтой, кокуй экенсиң деген мааниге жакын, көбүнчө жемелөө иретинде колдонулат. *Тутунарга туяк жок, Тууганынан айрылган Журтта мендей чунак жок* («Манас»). *Чунак бала ушулардын баарын мага айткан эмес эле го, деп Мусабек да таңыркады* (Сасыкбаев).

ЧУНАҢ: чунаң-чунаң этүү — кулагын жапырып тиштөөгө же тээп жиберүүгө аракет кылуу (көбүнчө жылкыга карата).

ЧУНАҢДА *этиш.* 1. Кулагын жапырып тиштөөгө аракет кылуу, чунаң-чунаң этүү (көбүнчө жылкыга карата). *Кулунун кызганып ак[1] байтал мага чунаңдады* (Мидин). *Шабыраалы барып атын чечип, туура тартып мингени жатканда, жорго чунаңдап тиштеп алды* (Байтемиров).

2. *өт.* Жактырбаган, терс, кырс кыял көрсөтүү. [*Келиниңдин*] *кыртышы сүйбөй, чунаңдап калыптыр* (Осмоналиев).

ЧУНАҢДАТ чунаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУНАҢДОО чунаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУҢКУР *зат.* 1. Казылган же жер бетинде башка табигый себептер менен пайда болгон оюк, тереңдикке карай кеткен оюк; бирдей тегиздиктин оюгураак жери, бөксөсү бар же кандайдыр толбогон кемтиги бар жери. *Бул кезде жүз кадамдай чуркап келип, Чуңкурга жата калдым беленденип* (Осмонов).

2. *өт.* Түп жагы терең, оюгу терең. *Чуңкур табак. Ташбай.. чуңкур оюлган аңгекте топон себилген ылайды* [*аралаштырып жатат*] (Сыдыкбеков).

◆ **Уңкур-чуңкур** — өйдө-ылдый, ой-чуңкурлуу. **Желкемдин чуңкуру көрсүн** — такыр көрбөйүн, экинчи кайрылбайын, кайрылып көргүлүк кылбасын деген мааниде нааразылыгын билдирүү иретинде колдонулат.

ЧУҢКУРАЙ *этиш.* 1. Чуңкур болуу, оюлуп чуңкур абалга келүү.

2. Ичин көздөй кирип кетүү; текши же толук болбой, кабырылып оюк болуп көрүнүү. *Максуттун.. эки уурту чуңкурайып.. калыптыр* (Сасыкбаев).

ЧУҢКУРАЙТ чуңкурай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУР I: чур кармоо — чүкө ойноп жатканда чүкө алуу максатында оюнга катышпаган бирөө тизилип коюлган чүкөлөрдү жыйып алып, белгилүү эрежелерге ылайык өзүнө таандык кылып алуу. *«Чурумду берип кеткин» — деп, Кычы кылып калыска, Сүйрөп турат балалык* (Токтогул).

ЧУР II *туур.* Кандайдыр бир чогуу, көп болуп жапырт чыккан добушту, көбүнчө кыйкырыкты бирдирүүдө колдонулат. *— Түшүнүктүү, түшүнүктүү! —деп отургандар чур эте түшүп басылышты* (Жантөшев).

ЧУРА *этиш.* Чуркоо, катуу жүгүрүү. *Бадал менен черинде Бугу, марал чураган* («Семетей»). [*Кычан*] *кунанын салкындатып бастырмага байлап, Актан атасын көздөй чурады* (Бейшеналиев).

ЧУРАЙ *зат.* Эки сандын кошулган жери. *Тумшугун чурайына катып жалгыз сары канчык эшиктин түбүндө жаткан экен* (Сыдыкбеков).

ЧУРАТ чура этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУРКА *этиш.* 1. Жүгүрүү, катуу, тез жүрүү. *Чуркап отуруп бир оокумда караса Жылдызкан кыштакка кирип кетиптир* (Байтемиров). *Атаганат Чалкуй-*

рук, Арбыта чуркап алыптыр («Эр Төштүк»).

2. Тароо, жүрүү. *Ой бийлеп,чубап жатты көңүл чиркин, Кан чуркап, кагып жүрөк эркин-эркин* (Бөкөнбаев).

ЧУРКАТ чурка этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУРКОО чурка этишинин кыймыл атоочу.

ЧУРКУРА *этиш.* Чурулдап жалпы, жапырт үн чыгаруу. *Короодо койлор чуркурап* («Эр Табылды»). *Үйдү көздөй жөнөдүк, Үн алышып чуркурап* (Осмонкул).

ЧУРКУРАТ чуркура этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУРКУРОО чуркура этишинин кыймыл атоочу.

ЧУРМУЙ *этиш.* Мурчуюу. *Төлөнбай миңбашы Мырзабайды чурмуя карады* (Абдукаримов).

ЧУРМУЙТ чурмуй этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУРМУҢДА *этиш.* Чурмуңдоо, чурмуя кароо, чурмуюп, жактырбаган түр көрсөтүү. *— Эмне!.. — Келин акыя тиктеп, чурмуңдап сала берди* (Касымбеков).

ЧУРМУЮУ чурмуй этишинин кыймыл атоочу.

ЧУРУ: чуру-чуу *зат.* Баш аламан кыйкырык-өкүрүк; баш аламан чыккан үн, ызы-чуу. *Эшиктен баш чыгарып кол булгадым, Сөз айтты чуру-чуудан укпай калдым* (Абдукаримов). *Эл ичи чуру-чуу* [*болуп*] *толкуду* (Бейшеналиев).

ЧУРУЛДА *этиш.* Чуркуроо, бир эле мезгилдин ичинде иретсиз, баш аламан көп үн чыгаруу, туш-туштан кыйкыруу. *Орусбекке кектүү араң олтурган балдар туш-туштан чурулдады* (Сыдыкбеков). *Ботом, койсоңчу чурулдабай, Батыштын күнөөсү бар беле?* [*деди арт жактан бирөө*] (Байтемиров).

ЧУРУЛДАТ чурулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУРУЛДОО чурулда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУРУМ чур I менен бирдей.

ЧУУ *зат.* **1.** Баш аламан чуркурай чыккан дабыш, кыйкырык-дуу. [*Жогортон*] *бакырыктуу чуу чыкты* (Сасыкбаев). *Көчөнүн ичи үйлардын дабышы менен чууга толду* (Каимов).

2. *өт.* Чыр-чатак, дүрбөлөң. *Ышкынаалы.. бирөөнүн көңүлүн калтырып.. чатакташып, чуу чыгарганды жек көрө турган* (Байтемиров). *Эч чуу көтөрбөй тымызын издеш керек* (Жантөшев).

◆ **Ызы-чуу** *к.* ызы. **Уу-чуу** *к.* уу III. **Чуу куйрук** — чуулгандуу, жөн жүрбөгөн, дүрбөлөң түшүрүп жүрүүчү киши. *Чуу куйрук чындап мени мактабаптыр* (Аалы). **Чуу дей түшүү** — көбүнчө алакан менен катуу чаап жибергендеги дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ЧУУДА *зат.* Төөнүн моюнунун асты жагында жана тизесине чейинки болуучу, селкилдеген кылчыктуу, сеңселген жүн. *Буура жибектей жумшак чуудаларын сеңселтип мойнун илгери созот* (Сыдыкбеков).

ЧУУЛА чуулда менен бирдей.

ЧУУЛГАН *зат.* Чуу, дүрбөлөң, бүлүк, чыр-чатак. *Чубак жетип калмакка чуулганды салды эми* («Манас»). *Аш үстүндө эр болсо, Салып көрсүн чуулган* («Эр Табылды»).

ЧУУЛГАНДУУ *сын.* Дүрбөлөңдүү, чыр-чатактуу, бүлүктүү. *Чуулгандуу киши.*

ЧУУЛДА *этиш.* **1.** Ызы-чуу түшүү, уу-чуу болуу, чурулдоо. *Чуулдап айыл ичи бака-шака, Сумсайган кээ биринин колунда айры!* (Турусбеков). *Алды жактан.. балдардын чуулдаган үнү угулду* (Сыдыкбеков). *Отургандар чуулдап жибериштн* (Жантөшев).

2. *өт.* Октун абаны жарып өткөнүндөй дабыш чыгаруу. *Одер дарыя жээгинде, Аткан октор чуулдайт* (Умөталиев). *Анархандын бүткөн бою дүрүлдөп, кулактары чуулдап, Кайназардын акыркы сөзүн укпай да калды* (Жантөшев).

ЧУУЛДАК *зат.* Чуулдаган, чуркураган үн, дабыш, чуру-чуу.

ЧУУЛДАТ чуулда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧУУЛДОО чуулда этишинин кыймыл атоочу.

ЧУУЛУУ чуулгандуу менен бирдей.

ЧУУР чубур менен бирдей.

ЧУУРУ чубур менен бирдей.

ЧУЧТУЙ чуштуй менен бирдей.

ЧУЧУЙ *этиш.* Көбүнчө шым тар келип, денеге чыпталыша туруу.

ЧУЧУК *зат.* **1.** Жоон майлуу ичегилер.

2. Узун-узун тилинип, сыртынан ичеги менен капталган жылкынын казысы. *Жутаке эки кесим чучукту кабаттай сугунду* (Жантөшев). [*Үйдө*] *таман эли казыдан тузду бир аз өткөрүбүрөөк салып, калемпир, пияз, кошуп жасалган чучуктун жарымы бар болучу* (Абдумомунов).

3. Жиликтин ичиндеги май.

◆ **Чучугуна жетүү** — жанга батуу, жан кейитүү. *Кыштын суугу сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткендир* (Аалы).

ЧУШТУЙ *этиш.* Чукчуюп, учтуу болуп ичкерээк көрүнүү. [*Тихонов*] *көзү кичине, мурду чуштуйган жапалдаш бойлуу, ичке киши* [*болучу*] (Жантөшев).

ЧҮ *сырд.* Атты бастырууда, айдоодо жана жарышканда колдонулат. *Бешим оогондон кийин* [*алар*] *Чамындынын сайына жетип, атының башын кайырды да «чү» деди* (Каимов).

◆ **Чү дегенде эле** — а дегенде эле, жөнөөрү менен, жөнөгөндө эле, баштаган эле жерде. *Чү дегенде эле аттардын омуроосун* [*суу*] *жаба берип жатты* (Бейшеналиев). **Чү кой** — чаап жөнөө, катуу жүрүп кетүү. *Чү койгондо бөлүнүп, Тулпарлык сыны көрүнүп* («Эр Төштүк»).

ЧҮЙГҮН *сын.* **1.** Семиз, майлуу, ширелүү, даамдуу. *Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта* (макал).

2. Ширелүү, даамдуу. *Чөбү чүйгүн, суу тунук, Төлдө жаткан кутуруп* («Манас»).

ЧҮЙГҮНДӨ *этиш.* Майлуулап, даамдуулап, ширелүү кылып берүү, жасоо

ж. б. *Этти чүйгүндөп берүү. Чүйгүндөп казан асуу.*

ЧҮЙГҮНДӨТ чүйгүндө этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮЙЛҮ I *зат.* Куштун эркеги (2-мааанисинде). *Кыюусун билип таптаса, Кыраан чүйлү каз алат* (Осмонкул).

ЧҮЙЛҮ II *зат.* Семиргенде кежигеде, желкеде пайда болуучу күржүйгөн бүктөө, бүктөлүп турган жери. [*Кудайназардын*] *богогу менен чүйлүсү катталып турат* (Жантөшев). [*Салыктын*] *чүйлүсү кат-кат болуп бүктөлүп турат* (Каимов).

ЧҮЙРҮЙ *этиш.* 1. Жактырбаган, нааразы болгон кебетеде мурдун чүрүштүрүү, бети-башын бырыштыруу. *..Үйүңө куру кол барсаң, аялың чүйрүйүп карабай да, жактырбай да калат* («Чалкан»).

2. Уч жагы жогору көтөрүлүп, кайрылып калуу (көбүнчө өтүктүн тумшугуна карата). *Өтүгүнүн тумшугу чүйрүйүп кетиптир.*

ЧҮЙРҮЙТ чүйрүй этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮЙРҮЙҮҮ чүйрүй этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮЙРҮҢ: чүйрүң-чүйрүң этүү — жактырбаган түр берип, мурдун, бети-башын чүрүштүрүү.

ЧҮЙРҮҢДӨ *этиш.* Мурдун, бети-башын чүрүштүрүп, жактырбаган, нааразы болгон кебетеде болуу. [*Кара келин*] *араба жакты карап чүйрүңдөп койду* (Сыдыкбеков).

ЧҮЙРҮҢДӨӨ чүйрүңдө этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮЙҮР *этиш.* Жактырбаган кебетеде мурдун чүрүштүрүү, чүйрүйүү. *Черновдун аялы мурдун чүйүргөн болуп, терс карай берди* (Жантөшев).

ЧҮКӨ *зат.* Шыйрак менен жото жиликтин кошулган жериндеги үстү жагы төмпөгүрөөк келген төрт кырча, өзүнчө бөлүнүп алына турган сөөк (көбүнчө балдар ойной турган майда жандыктардын ушундай сөөгү).. *Чынарбай жолдошу менен чүкө талаша кетти* («Комоктор»). *Ха!.. Ха!.. Ха!.. Чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, Кереги жок мунуңун* (Турусбеков).

◆ **Беттин чүкөсү** — беттин томпоюп чыгып турган сөөгү. *Анын* [*Калмураттын*] *көзү чуңкуруна кирип, эки беттин чүкөсү казыктай оркоюп турат* (Абдукаримов).

ЧҮКҮРҮ *зат.* Жайылып чыккан жазы жалбырактуу, түбү боёк катарында тери боёо үчүн колдонулуучу өсүмдүк. *Булгары кылган кишиге Чүкүрү менен шор кызык* (Осмонкул).

ЧҮКЧҮЙ *этиш.* Бүрүшкөн, кичинекей кебетеде болуу (көбүнчө арык адамдарга карата). *Үйчү Омор сейрек сакалдуу, чүкчүйгөн кичине чал эле* (Байтемиров). *Асан карыя чүкчүйүп, жыйрыла түшкөн Токтогулду.. эркелетип койду* (Аалы).

ЧҮЛҮК *зат.* Көбүнчө уй, өгүз, торпоктун мурдуна өткөзүп , мурунтук байлоо үчүн ийилип жасалган тегерек жыгач. *Үйга чүлүк такты.*

◆ **Чүлүк үзөңгү** — жыгачтан ийилип жасалган үзөңгү. *Сызмага таккан чүлүк үзөңгү* (Аалы).

ЧҮЛҮКТӨ *этиш.* Мурдуна чүлүк өткөзүү, чүлүк тагуу. *..Жөө жүрө аламбы — деп, көк токолду чүлүктөп минип алдым* (Сыдыкбеков).

ЧҮЛҮКТӨӨ чүлүктө этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮМБӨТ *зат.* Баштан төмөн чүмкөй жаап коюучу жамынчы, бүркөнчүк. *Кыздын үстүнө чүмбөт жаап коюңуз* («Жомоктор»).

ЧҮМБӨТТӨ *этиш.* 1. Чүмкөй жабуу. *Машинанын үстү боз таар менен чүмбөттөп коюлгандыктан, анын ичиндегилер кимдер экендигине Абаздын көзү жеткен жок* (Таштемиров).

2. *өт.* Кандайдыр бир нерсе каптап калуу.

ЧҮМБӨТТӨЛ чүмбөттө этишинин туюк мамилеси.

ЧҮМБӨТТӨӨ чүмбөттө этишинин туюк мамилеси.

ЧҮМКӨ *этиш.* 1. Башы менен кошо бүт денени жабуу. *Камка тонун Каныштын Башына чүмкөй жамынды* (Жантөшев).

2. *өт.* Каптоо. *Булуттар заматтын ортосунда көбөйүп, асманды бүтүндөй чүмкөй баштады* (Байтемиров).

ЧҮМКӨЛ чүмкө этишинин туюк мамилеси.

ЧҮМКӨН чумкө этишинин өздүк мамилеси.

ЧҮМКӨӨ чүмкө этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮМҢУ чумку менен бирдей.

ЧҮМУ чуму менен бирдей.

ЧҮМЧҮЛӨ *этиш.* Аз-аздан, кичинеден, бөлүп-бөлүп үнөмдөө, алуу, берүү ж. б. *Чүмчүлөп оокат кыла турган болсо, бул эгин кыштан чыгарат* (Абдукаримов). *Ар кимибиз алдыбызга коюлган устукандан чүмчүлөп анча-мынча жемиш болдук* (Абдукаримов).

ЧҮНЧҮ I: чүнчү басты — көбүнчө аялдар боюнда бар мезгилдин экинчи жарымында жамбаштын астыңкы кичине жери соруп, баса албай калуу, аксап басуу.

ЧҮНЧҮ II *этиш.* Жабыркоо, жүдөө, басыңкынуу. *Гүлайым, сен мынча чүнчүп бараташың балам, табың жокпу? — деп сурады* [*энеси*] (Абдукаримов).

ЧҮНЧҮТ чүнчү этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮНЧҮҮ чүнчү этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮҢКҮЙ *этиш.* Көбүнчө кабагы бийигирээк келип, көзү чуңкурейгөн көрүнүштө болуу. [*Майрык*] *чуңкүйгөн көздөрүн акыраңдатып, балдарга* [*карады*] (Бейшеналиев).

ЧҮҢКУР чуңкур менен бирдей.

ЧҮҢУР *сын.* Ары кирип турган, чуңкурейгөн (көбүнчө көзгө карата). *Даутахун Алым менен Лиге курбалдаш, бою нооча, көзү чуңур* (Жантөшев).

ЧҮҢҮРӨЙ *этиш.* Көзү ары кирип көрүнүү, көзү чанагына карай батыңкы көрүнүштө болуу. *Эки жаагы сорулуп, көздөрү чуңурөйүп,.. ээрди кеберсип кургап турат* (Элебаев).

ЧҮҢҮРӨЙТ чүңүрөй этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮП ӨРӨК *туурасы:* **чүпүрөк.**

ЧҮП ҮРӨК *зат.* Эндей кездеменин бир кесиндиси, өөнү, кичинекей бөлүгү. *Баарынын баштарында ак чүпүрөк* (Аалы). *Чүпүрөккө бекем оролсо да, алты айдан бери чөнтөктө жүрүп* [*каттын*] *бүктөөлөрү жыртылган* (Жантөшев).

ЧҮРГӨ *этиш.* Андан-мындан кылып бүтүрө салуу, арыдан-бери бүтүрө коюу, кураштыра салуу, эптей салуу.

ЧҮРӨК *зат.* 1. Өрдөктүн бир түрү. *Боз куштан суу куш аз келди, Өрдөк, чүрөк, каз келди* (Тоголок Молдо).

2. Өрдөктүн ургаачысы. *Өрдөктөр үчөө.. бири — соно, бири — чүрөк, үчүнчүсү — темир канат балапан* (Жантөшев).

3. *өт.* Сулуу, сымбаттуу деген мааниде көбүнчө аялдарга карата колдонулуучу сөз.

ЧҮРПӨ *зат.* 1. Балапан. *Улардын чүрпөлөрү энесинин канаттарына корголошту* (Аалы).

2. *өт.* Кичинекей баласына, небересине карата айтылуучу сөз. *—Эмне болду, чүрпөм? — деп,* [*Жыпар*] *жүгүрүп келип кызын көтөрүп алды* (Шимеев).

ЧҮРТҮГҮЙ *сын.* Чүрүшкөн, кичинекей беттүү.

ЧҮРҮШ I *сын.* Курушкан кичинекей, курушуп катып калган. [*Урия*] *чүрүш маңдайын.. чытып, чекир көзүн жулжүйттү* (Байтемиров). *Чүрүш буудай.*

ЧҮРҮШ II *этиш.* Курушуу, тырышуу, курушуп кургап калуу, курушуп катып калуу. *Бак-даректын жалбыректары күндөн-күнгө чүрүшүп, көктөйүндө эле куурай баштады* (Абдукаримов). *Көвөгө боёлгон шапкесин чөгөрө кийген бирөө чүрүшкөн картошкаларга туз сээп жеп олтурат* (Сасыкбаев).

ЧҮРҮШТҮР чүрүш этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮТҮРӨЙ *этиш.* Кичинекей, арык, чүйчүйгөн кебетеде болуу. *Бул бадачы, Чүтүрөйгөн сары чал Кудуңдады, кармалады колумду* (Аалы).

ЧҮЧ: ак чүч — 1) чүчкүргөн кишиге (көбүнчө балдарга карата) соо бол, саламат бол деген мааниде колдонулат. *Ысак катуу чүчкүрүп жиберди* [*эле*] *— Ак чүч! деген үн чыкты* (Абдукаримов); 2) *өт.* ак кол, эч нерсеге колу тийбеген, иштебеген.

ЧҮЧКҮР *этиш.* Мурун дүүлүккөндө катуу дабыш кылуу менен абаны эрксизден бүркө сыртка чыгаруу. *Карып токтоно албай удаасы менен эки жолу катуу чүчкүрүп жиберди* (Абдукаримов).

ЧҮЧКҮРТ чүчкүр этишинин аркылуу мамилеси.

ЧҮЧКҮРҮК *зат.* Чүчкүрүп жибергендик.

ЧҮЧКҮРҮҮ чүчкүр этишинин кыймыл атоочу.

ЧҮЧТӨ чүштө менен бирдей.

ЧҮЧҮ: чүчү күлак — балдардын ар кандай ойнунда эки топко бөлүнүүдө түгөйсүз жалкы калган адам.

ЧҮЧҮҮ: чүчүү-чүчүү! *сырд.* Көбүнчө улакты чакырууда колдонулат.

ЧҮШТӨ *зат.* 1. Жука **ак** материал. *Ак чүштө көйнөк, суп дамбал* («Манас»).

2. *өт.* Аппак. *Көөнү сүртүп аппакка Чүштө дедиң караны* (Аалы).

ЧЫБАШ *зат.* Жүнгө, чачка майланышып токтоп калган кир. *Үйдүн ичи.. койдун чыбашы.. жыттанат* (Аалы).

ЧЫБЫ *зат.* 1. Балапан.

2. Кыргыйдын эркеги. *Чыбы кыргый.*

3. Чаарчык.

ЧЫБЫЙ чыбы менен бирдей.

ЧЫБЫК *зат.* Жалбырагы жок, солкулдак ичке бутак, чырпык. *Көк чыбык кыркып ат кылып, Көпөлөк издеп жөнөсөм* (Аалы). *Курч балта менен кыя кескен четиндин ичке, узун чыбыгы азыр Динардын колунда* [*турат*] (Сыдыкбеков).

ЧЫБЫР *зат.* Майда-майда коктусу бар уңкул-чуңкул жер. *Чыбырын түлкү жойлогон, Чычканын терип тойлогон* («Эр Табылды»). *Майда чыбыр адырын, Малчылар билет кадырын* (Убукеев).

◆ **Чыбыр чаар** *же* **чыбыр ала** — майда чаар, чыбырчыктуу. *Чыбыр чаар кекилик, Чыгасың ташка секирип* (Умөталиев).

ЧЫБЫРА *этиш.* Жыбырап эң майда, көп болуп көрүнүү.

ЧЫБЫРТКА чыбырткы менен бирдей.

ЧЫБЫРТКЫ *зат.* Өрүлүп жасалган ичке камчы. *Кенже Алтынайга.. күмүш зым оролуп жасалган чыбырткы камчысын да берди* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫБЫРЧЫК *зат.* 1. Майда-майда чыбыр ала болуп чыгып турган көбүкчө. *Кайсы бир чуңкур жерге келгенде үстүнө чыбырчык көбүк пайда болуп, сууну коруп-датып тарта баштайт* (Таштемиров).

2. Жыбыраган майда толкун.

ЧЫБЫРЧЫКТА *этиш.* 1. Майда-майда чыбырчык болуп чыгуу. [*Күлжандын*] *маңдайынан чыбырчыктаган майда тери акактай тунук көрүнөт* (Байтемиров). *Чыныны чырт-чырт чертип, үстү чыбырчыктап, шырылдап кайнап турган кызымды көрүп, Абаз ооз тийбестен эле ачыркангансыды* (Таштемиров).

2. Жыбыраган майда толкун пайда болуу, жыбыраган көрүнүштө болуу. *Көлдүн бети чыбырчыктап, болор-болбос толкун бар* (Сыдыкбеков). [*Таранчынын*] *канаттары чыбырчыктап көз адаштырат* (Сыдыкбеков).

ЧЫБЫРЧЫКТАТ чыбырчыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫГААН *сын.* Атанган, атагы чыккан, абдан мыкты, таанымал, белгилүү. *Топ балдардын чыгааны, Толгон уулдун сыртаны* («Эр Төштүк»).

ЧЫГАР 1. чык этишинин аркылуу мамилеси.

2. Кандайдыр бир нерсени ич жактан сыртка алып чыгуу же төмөнтөн жогору

көтөрүп коюу, алып коюу, бир нерсенин ичинен алып чыгуу. *Тышка казып чыгарса, Кендин чери жазылат* (Токтогул). *Терең ордон чыгарсаң, Кантип макул дебесмин* (Турусбеков). *Чаргын унчукпай жанындагы баштыгын чыгарып столго койду* (Сыдыкбеков).

3. Кандайдыр бир чыгарма жаратуу, чыгармачылык менен ойлоп табуу. *Ыр чыгарды. Обон чыгарды.*

4. Илинген, бекилген нерсени бошотуу, ачуу. [*Бала*] *барып каалганын илгичин чыгарды* (Убукеев).

5. Маселе, мисал иштеп чыгуу, натыйжасын, чечилишин табуу. *Окуучу 38-маселени чыгарды. Беш мисал чыгарды.*

◆ **Иттен чыгаруу** — эптеп жолго салуу, алдап-соолап жөнөтүп жиберүү. **Четин чыгаруу** — бир нерсе жөнүндө анча-мынча билгизип коюу, айтуу. **Кыз чыгаруу** — кыз берүү, кыз узатуу. *Көрөм десең урматын, Уул үйлөп, кыз чыгар* (Токтогул).

ЧЫГАРМА *зат.* Илимий, көркөм-адабий, саясий же музыкалык эмгек, ойлоп чыгарылган, ойлоп табылган чыгармачылык иш.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫК *зат.* Адамдын маданий, духовный жана материалдык байлыктарды түзүүгө багытталган иши.

◆ **Өздүк көркөм чыгармачылык** — искусство чыгармаларын сүйүүчүлөр тарабынан профессионалдык артисттер катышпастан өз демилгелери боюнча концерт берүү, оюн коюу ж. б. иштери.

ЧЫГАРТ чыгар этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫГАРУУ чыгар этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫГАРЫЛ чыгар этишинин туюк мамилеси.

ЧЫГАША *зат.* Чыгым, жумшалган каражат, өлүм-житим (малга карата). *Жаңылан гана дары-дармек өсүмдүгү боюнча колхоз 1328 сом чыгаша кылды* («Чалкан»). *Чабан Өмуралиев Зарлык 650 ириктин бир да башын чыгашага учуратпай, багып келди* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫГАШАЛУУ *сын.* Чыгымдуу; өлүм-житимдүү (малга карата).

ЧЫГДАН *зат.* Боз үйдө тамак-аш, идиш-аяк коюлган жакты калкалап, тосуп коюу үчүн, чийден кооздоп, чырмап жасалган калканч. [*Кадырбай*] *сыңар тизелеп төрдүн чыгдан тарабында отурду* (Жантөшев). *Койлубай кымызды шимирип жиберип, чыгдандын ичине кирди* («Жомоктор»). *Актан ата.. чырмалган чий чыгдандын жанындагы мата дасторконду сыйрып алды* (Бейшеналиев).

ЧЫГУУ чык этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫГЫМ I *зат.* 1. Жумшалган каражат, расход. *Тойго колхозубуздун бир тыйыны да чыгым болгон жок* (Убукеев).

2. Чыгаша, өлүм-житим (көбүнчө малга карата). *Аман туп жатыр го Чыгым болбой бир козу* (Осмонкул).

3. *тар.* Өздөрүнөн жогорку кызматтагы адамдарды сыйлоодо сарп кылынгандардын ордун толтуруп алуу үчүн бийлик башындагылар тарабынан элге салынган салык. *Бекеринче чыгым деп, Байлап алат бий, болуш Кедейдин жалгыз улагын* (Токтогул). *Пара берген чыгымын Ар түтүнгө салчу эле* (Аалы).

ЧЫГЫМ II *зат.* Эгиндин, өсүмдүктөрдүн өнүп чыгышы, өнүмү. *Эгиндин чыгымы жазында көп элдикинен жакшы болучу* (Жантөшев).

ЧЫГЫМ III *зат.* Кандайдыр бир иштин аткарылышы үчүн аракет кылгандык, камбылдык, чыгынуучулук. *Эч бир чыгымы жок киши шалкайып жата берет.*

ЧЫГЫМДА *зат.* Каражат жумшоо, чыгым кылуу, расходдоо.

ЧЫГЫМДАЛ чыгымда этишинин туюк мамилеси.

ЧЫГЫМДАН чыгымда этишинин өздүк мамилеси.

ЧЫГЫМДАР *сын.* Чыгымдуу болуп калган, көп каражат жумшап чыгымдуу болуп калган.

ЧЫГЫМДОО чыгымда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫГЫМДУУ I *сын.* 1. Каражат көбүрөөк жумшалган, расходу көп, чыгымы көп.

2. Чыгашалуу, өлүм-житимдүү (көбүнчө малга карата). *Тоютту мол камдаса, мал чыгымдуу болбойт.*

3. *тар.* Чыгым тартып калган, салык, налог тартып калган, көп чыгым, салык салынган.

ЧЫГЫМДУУ II *сын.* Өнүмдүү, өнүмү жакшы. *Быйыл эгин чыгымдуу болду.*

ЧЫГЫМДУУ III *сын.* Иштейин, аткарайын деген ишин өз учурунда аткара коюучу, чыгына коюучу, камбыл (адамга карата). *Чыгымдуу киши.*

ЧЫГЫМСЫЗ *сын.* Камкор эмес, камбыл эмес, бир нерсеге өз учурунда чыгына койбогон, шалаакы, эринчээк. *Чыгымсыз киши.*

ЧЫГЫН *этиш.* Өз учурунда иштей коюуга кам көрүү, аракет кылуу. *Кийимкече алуу үчүн шаардын өзүнө эле бир жолу чыгынган пайдалуу* (Қаимов). *Иш жок го деймин, жан иним, Чыгынса колдон келбеген* (Маликов).

ЧЫГЫНУУ чыгын этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫГЫРЫК *зат.* 1. Чарык жип түрүлүүчү жыгач дөңгөлөкчө.

2. Жаңы басып келе жаткан балдарды басууга машыктыруу үчүн колдонулуучу курал.

3. *тех.* Жип, сым, жынжыр аркылуу жүктү же башка нерселерди көтөрүү үчүн ылайыкталып жасалган, өз огунда айланууучу кобулдуу дөңгөлөкчө. *Темир аркандагы чыгырыктар зуулдай баштады* (Сасыкбаев).

◆ **Чыгырык мүйүз** — ийилген тегерек мүйүз.

ЧЫГЫШ I *зат.* Күн чыккан тарап, батыштын карама-каршысы. *Чыгыш тарап өрттөй кызарып, күн чачырай баштады* (Байтемиров). *Акбар чыгышка бурулду эле, көтөрүлүп келаткан күндүн нурына көзү урунду* (Убукеев).

ЧЫГЫШ II *этиш.* Өз ара, ич ара келишип алуу, макулдашып алуу; иши, аракети менен жагып, ишенимге жетишүү. [*Айсалкын*] *абысын-ажындары менен чыгышып алып, алардын баарын колуна алган* (Каимов).

ЧЫГЫШУУ чыгыш этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫДА *этиш.* Бир нерсеге туруштук берүү, туруктуулук кылуу, чыдамдуулук көрсөтүү, жалакайланбоо.

ЧЫДАМ *зат.* Чыдамкайлык, туруштук берүүчүлүк, байым, байымдуулук. *Анчамынча жараатка Чыдамы жок жан бекен* («Эр Табылды»). *Алымдын келишин күтө берип чыдамы кетти* (Жантөшев).

ЧЫДАМДУУ *сын.* Чыдамкай, туруктуу, көтөрүмдүү, бекем, байымдуу. [*Тоποздор*] *суукка өтө чыдамдуу келет* (Абдукаримов).

ЧЫДАМДУУЛУК *зат.* Чыдамкайлык; көтөрүмдүүлүк, кайраттуулук, байымдуулук.

ЧЫДАМКАЙ *сын.* Ар кандай кыйынчылыктарга чыдай алган, чыдамдуу, көтөрүмдүү, бекем, байымдуу. *Канчалык чыдамкай болсоң, ошончолук береке табасың* (Жантөшев).

ЧЫДАМКАЙЛЫК *зат.* Чыдамдуулук. *Сурмаш Каныбектин чыдамкайлыгына таңданды* (Жантөшев).

ЧЫДАМСЫЗ *сын.* 1. Туруштук бере албаган, көтөрүмү жок, жалакай, чыдамдуу эмес.

2. Сабырсыз, шашма; сабырсызданып, шашкалаңдаган. *Ал келбейт, кабар чыкпайт,.. Чыдамсыз карай бердим маңдай жакты* (Абдыраманов). [*Каныбек*] *чыдамсыз ары-бери басып* [*турду*] (Жантөшев).

ЧЫДАМСЫЗДАН *этиш.* Сабырсызданып шаша баштоо, тынчы кетип шашкалактоо. *Жылдызкан окуянын аягын билүүгө чыдамсызданып суроо берди* (Байтемиров).

ЧЫДАМСЫЗДАНТ чыдамсыздан этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫДАМСЫЗДАНУУ чыдамсыздан этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫДАМСЫЗДЫК *зат.* Чыдамы жоктук, чыдай албагандык, сабырсыздык, шашмалык. *Карыптын жүрөгү түйлап, кимдир бирөөну чыдамсыздык менен күткөнсүйт* (Абдукаримов).

ЧЫДОО чыда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЖЫЛДА *этиш.* Сызырганда, кайнатканда быжылдап дабыш чыгуу.

ЧЫЖЫЛДОО чыжылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙ: чый-чуй *туур.* Кандайдыр бир чыйылдап ичке чыккан үндү, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чычкан чый-чуй этип, каптын көңдөйүнөн үн салат* (Байтемиров).

◆ **Чый-пыйы** *же* **чый-мыйы чыгуу** — чыдамсызданууу, тынчы кетип коркуу, тынчсызданып күйкөлөктөө. *Батыштын чый-пыйы чыгып, ..элеңдеп жол жакты карайт* (Байтемиров). [*Тихонов*] *тапшырылган иш орундаганча чый-мыйы чыгып тынч албай турган* (Жантөшев).

ЧЫЙБЫЛ *сын.* Кичинекей жана ичке (кишиге карата). *Чыйбыл киши. Чыйбыл кыз.*

ЧЫЙБЫТ *зат.* Эчкинин чүкөсү, эчкинин кичинекей чүкөсү.

ЧЫЙК: чыйк-чыйк *туур.* Темирдин, жыгачтын ж. б. катуу нерселердин өйкөлүшүнөн, жешилүүсүнөн келип чыккан, кыйчылдаган дабышты же ошондой абдан ичке дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ЧЫЙКАН *зат.* Денеинин ар кайсы жерине түптөнүп, кызарып катуу болуп, ириңдеп чыгуучу жара, шишик. *Чыйкандан жаман оору жок, аны сурап киши жок* (макал).

ЧЫЙКЫЛДА *этиш.* Чыйк-чыйк эткен дабыш чыгаруу. *Суурдун чыйкылдаган үнү гана чыгып калды* (Баялинов).

ЧЫЙКЫЛДОО чыйкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙМЫЛ чыйбыт менен бирдей.

ЧЫЙМЫТ чыйбыт менен бирдей.

ЧЫЙП: чыйп-чыйп *туур.* Балапандардын, жөжөлөрдүн же чымчыктардын чыгарган үнүн билдирүү үчүн колдонулат. *Тооктун жөжөлөрү чыйп-чыйп этип, энесинин артынан чуркады* (Каимов).

ЧЫЙПЫЛДА *этиш.* Чыйп-чыйп эткен үн чыгаруу. *Аңыз арасында бирин-серин чыйпылдаган чымчыктан башка азыр эчтеме калганы жок* (Убукеев).

ЧЫЙПЫЛДАТ чыйпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЙПЫЛДОО чыйпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙРАК *сын.* 1. Чыдамдуу, бышык, бекем. *Чыйрак жип.*

2. Тыкан, бышык, тың. *Атка чыйрак бала.*

ЧЫЙРАЛ *этиш.* 1. Бошоң болбостон чыйрак, бекемделген абалга келүү, бекемирээк эшилүү, толгонуу (көбүнчө аркан, жипке карата).

2. Кайраттануу, кайратына келип күчкубатын жыйноо, чымырканууу. [*Батыштын*] *шалкайган денеси чыйралып, анын жанында бир чоң күч тургансыды* (Байтемиров). *Чыйралдым, чындап бел буудум, Алыс сапар жол бастым* (Үмөталиев).

3. Тырчуу, тырчый түшүү, ачуусу келе түшүү. *Ачеке карыя Акбардын жемелүү сөзүнө чыйрала түштү* (Убукеев).

ЧЫЙРАЛТ чыйрал этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЙРАЛУУ чыйрал этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙРАТ *этиш.* Чың кылып эшүү, толгой ийрүү. *Бүгүн Каныш эпкиндүү кыз, Колдон жибек чыйраткан* (Бөкөнбаев). *Абийир кара мурутун чыйратып, уурдунан жылмайып койду* (Таштемиров).

ЧЫЙРАТМА *сын.* Эшилген, чыйратылган, ийрилген. *Көкөнүн колунда.. бир түрмөк чыйратма жип бар болучу* (Касымбеков).

ЧЫЙРАТТЫР чыйрат этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЙРАТУУ чыйрат этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙРЫГУУ чыйрык этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙРЫК I *зат.* Толгоо, эшим (мис. жиптин толгоосу, эшилгени). *Жиптин чыйрыгы жанды.*

ЧЫЙРЫК II *этиш.* 1. Суукка бир аз үшүй түшүү, денени анча-мынча жеңил калтырак басуу. *Базарбектин денеси чыйрыгат, ээги шакылдайт* (Каимов). *Жаандын салкыны тийген сайын чыйрыгып, этим түктүйө.. баштады* (Байтемиров).

2. Үшүгөндөгүдөй денени калтырак басуу, кээ бир ооруларда киши өзүн ошондой сезүү.

ЧЫЙРЫКТЫР чыйрык этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЙРЫТТА *этиш.* Бирөөнү жактырбаган мүнөздө болуу, көтөрүлүү. *Сапар мойнун кейкейтип чыйрыттады* (Бейшеналиев).

ЧЫЙРЫТТОО чыйрытта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЙТ: чыйт түкүрүү — акырын чырт түкүрүү, тиштердин арасы аркылуу түкүрүү. *Асмайды чыйт-чыйт түкүрүп, Ордуңду булгап албагын* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫЙТАЙ *этиш.* Өзүн-өзү жогору көрсөтүү; көтөрүлүп кекирейүү. *Кызыл бет сельсоветтин секретары чыйтайып, кош жаздыкты чыканактайт* (Осмонов).

ЧЫЙЫЛДА *этиш.* Чый-чуй эткен ичке үн чыгаруу. *Караңгы түндө чыккан чыйылдаган үн алардын кулагына шумдуктуу угулду* (Байтемиров).

ЧЫЙЫЛДАК *сын.* 1. Чыйылдаган ичке үндүү, чыйылдаган ичке үнү бар. *Чыйылдак абышка* (Сыдыкбеков).

2. *сүйл.* Чый-чый этип чыккан добуш.

ЧЫЙЫЛДАТ чыйылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЙЫР *зат.* Из түшкөн жол, жол болуп түшүп калган из, ичке жол. *Чыйыр түшө электе идбесиндер.. бат табылат* (Каимов). *Дүйшөн алдыга чыгып чыйыр салды* («Ала-Тоо»). *Тоонун өндүрүн көздөй кеткен чыйыр жолго түшүп, бир атчан киши келе жатты* (Сасыкбаев).

ЧЫЙЫРЧЫК *зат.* Таранчылар түркүмүндөгү көбүнчө чегиртке лерди кырып жок кылуучу келгин куш. *Кара чыйырчык. Ала чыйырчык.*

ЧЫК I *зат.* 1. Ным. *Кардын чыгы кетер менен жерди айдоо башталат* (Байтемиров). *Жаздын чыгы менен огородуңду күрөктөп айдап ал* (Байтемиров).

2. Этти малып жеш үчүн арналган же тууралган этке куюу үчүн мурч, пияз салып атайын даярдалган сорпо. *Айдай эң мурун куйрук менен бооруду чыгарып, кыя кести да, тыздуу чык аралаштырып, меймандардын алдына койду* (Каимов). *Каныйпа болсо, сатин көйнөгүнүн узун жеңи менен улам бир сүртүп, чыкка пияз тууроо менен алек* (Абдумомунов).

ЧЫК II: чык-чык *туур.* Кичирээк көлөмдөгү куралдардын же катуу нерселердин башка бир металлга же катуу нерселерге жеңил урунушунан чыккан кыска дабышты же маятниктин согуусунан чыккан сыяктуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Үй тынч. Жарык өчкөн. Саат чык-чык. Терезе бир тарапка кыңыр ачык* (Абдыраманов). [*Жумагулдү*] *фотограф чык эттирип тартып ала койду* (Шимеев).

ЧЫК III *этиш.* 1. Үйдөн, белгилүү бир жерден, шаардан ж. б. сыртты көздөй же башка бир жакты карай жөнөө, багыт алуу, жол тартуу, аттануу. [*Аскар*] *китебин жаап, дептерлерин жыйнап койду да, сыртка чыкты* (Сыдыкбеков). *Каныбек күн батканда айылдан чыкты* (Жантөшев).

2. Кандайдыр бир нерсенин үстүнө же бийиктикке көтөрүлүү, бөлүнүп көтөрүлүү. *Командир экөөбүз чокунун так найзадай төбөсүнө чыктык* (Жантөшев). *Күн чыкты. Ай чыкты. Трибунага чыкты. Чыгып сүйлөдү.*

3. Үн, добуш ж. б. пайда болуу, угулуу. *Кубулжуп миң сан күү чыгат Курдаштарың ырдашып* (Бөкөнбаев). *Күлкү аралаш тамаша сөздөр чыгат* (Сыдыкбеков).

4. Жарышта же мелдеште башкалардан озуп кетүү. *Аттары күлүк, жигити эр, Жарышса чыккан мелдештен* (Осмонкул).

5. Кез келүү, кездешүү, кездеше түшүү, жолугуу, көрүнүү. *Айнегим чыкса алдымдан, Өбөр бекем дегемин* (Токтогул). *Алдынан чыкса калың жоо, Арстандай чапчып ыргыткан* (Бөкөнбаев).

6. Китеп, газета, чыгарма ж. б. жарык көрүү; кандайдыр бир продукция өндүрүлүү.

7. Өсүү, өнүү, көрүнүү, пайда болуу. *Бутагы көк, бири сынса, бири чыгат, Былк этпей, качан көрсөң чынар турат* (Үмөталиев). *Жердин кыртышы небак тоборсуп, көк жабырап чыга баштаган* (Сыдыкбеков).

8. Аянттын, кеңдиктин ж. б. кандайдыр бир жагына, бир четине жетүү, жетип калуу. *Сабырлар бул кезде аянттын башына чыгып калышкан* (Сыдыкбеков).

9. Белгилүү бир убакыттан, мезгилден өтүү. *Кыштан арык чыккан малдар күнгө капталып какпап магдырады* (Убукеев).

10. Белгилүү бир жашка келүү, белгилүү бир жашка же өлчөмгө, деңгээлге жетүү, толуу (жашты, ченемди көрсөткөн сөздөр менен бирге айтылганда). [*Акман*] *быйыл элүүгө жаңы чыгамын деп жүргөн кезеги* (Сыдыкбеков). *Мөмөлөр гүлдөп, чөп тушарга чыккан кез* (Бөкөнбаев). *Терген пахтасы 100 килограмм чыкты.*

11. Келүү, пайда болуу (мезгилге карата). *Жаз чыкканда кетиш керек* (Байтемиров).

12. Пайда болуу, көрүнүү, табылуу. *Асыл ташпан чыгат, акыл баштан чыгат* (макал).

13. Бөлүнүү, башкалардан бөлүнүүп, окчундоо, четтөө, белгилүү бир изден, калыптан оолактоо. *Чырт этип четке чыга берет* (Сыдыкбеков). *Кара кашка жолдон чыга берди* («Жаш ленинчи»). *Күлкү аралаш тамаша сөздөр чыгат* (Жантөшев).

14. Болуу, кандайдыр бир окуя башталуу, болуп калуу. *Согуш чыкты. Чыр чыкты.*

15. Бошоп калуу. *Кызматтан чыгып калган. Институттан чыгып калган.*

16. Билинүү, белгилүү болуу, байкалып калуу. *Карамырза, сөзүңдүн Калтысы чыкты байкалып* (Токтогул). *Атагы чыккан Зуракан, Азыркы элдин чүрөгү* (Осмонкул).

17. Табылуу, казылып алынуу. *Кен чыкты. Таш көмүр чыгат.*

18. Көбүнчө иштин, кыймыл-аракеттин аякталгандыгын, бүтүшүн, болгондугунун натыйжасын көрсөтүүчү көмөкчү этиш катарында колдонулат. *Мал көчүрүү маселеси партиялык чогулуштарда иштелип чыкты* (Убукеев). *Айымкан кызына карап: — Зарылжан, бол, дан алып чыга койчу! — деди* (Сыдыкбеков). *Байбиче.. сандыгыңдан бир жамбы алып чыкчы* (Турусбеков).

19. Толуу, жетилүү. *Толкуп жаткан Ысык-Көл Көркүнө чыккан турбайбы* (Турусбеков). *Өңүнө чыгып шаңкайып, Эпкиндүү жеңем келаткан* (Турусбеков).

20. Кууттан өтүү. *Үй букадан чыкты. Кой кочкордон чыкты. Эчки текеден чыкты.*

21. «Кет! жогол!» деген мааниде колдонулат (көбүнчө итке карата) *«Чык» деди үргөн итке чоочун дабыш* (Аалы). *Ит арс эткенде үйдөн Надя чуркап чыгып: — Чык! Сен ким.. деди* (Жантөшев).

◆ **Каршы чыгуу** — каршы болуу, каршы туруу. *Каршы чыгып Токоңо, Кузгундар салган жүгөнүн* (Токтогул). **Чыгар-чыкпас** — жетер-жетпес, толор-толбос. *Эркиндин алдында эки чейрекке чыгар-чыкпас буудай төгүлүп жатат* (Жантөшев). **Кирди-чыкты** — анчалык ашып кетпеген, орточо, анча-мынча. *Кирди-чыкты эси бар, Кичи пейил уул экен* («Эр Табылды»). **Колунан чыгуу** — бирөө тарабынан иштелип чыгуу, кимдир бирөө тарабынан иштелип бүтүү. *Аскардын колунан чыккан иш сапаттуу да, тез да [болот]* (Сыдыкбеков). **Элден чыгуу** — элден бөлүнүп калуу, четтеп калуу. *Сөзүңөр өтпөй эч кимге, элден чыгып калбаңар* (Жантөшев). **Жүрөгү чыгуу** *же* **эси чыгуу** — коркуу, коркуп кетүү, чочуп кетүү. *Элден качып элирип, Эси чыккан мындан көп* («Семетей»). **Эстен чыгуу** — унутуу, унутуп калуу, ойдон чыгып калуу. *Шаардын көрүнүшү сонун экен, Сакталып кала берет чыкпай эстен* (Нуркамал). **Тили чыгуу** — 1) жаңыдан сүйлөй баштоо (көбүнчө жаш балдарга карата); 2) тилдүү боло баштоо. *Мына эми, бөбөгүмдүн тили чыгып, Мээримдүү ширин сөзүн айтканындай* (Маликов). **Күйөөгө чыгуу** *же* **турмушка чыгуу** — турмуш куруу, бирөө менен баш кошуу. *Тилекке жетсек, ушул кезде турмушка чыксам деген үмүтүм бар эле* (Байтемиров). **Эрден чыгуу** *же* **күйөөдөн чыгуу** — күйөөсү менен ажырашуу, күйөөсүнөн ажырашып кетүү. *[Чарыгындын] алган келинчеги үч эрден чыккан Айша деген болучу* (Сыдыкбеков). **Чый-пыйы чыгуу** *к.* **чый. Эмчектен чыгуу** — энесинин эмчегин эмүүдөн калуу, сүт эмүүдөн калуу (бала жөнүндө) **Айтканындай чыгуу** *же* **ойлогонундай чыгуу** — айтканы орундалуу, ою орундалуу, оюндагыдай болуу. **Кумардан чыгуу** — кумары кануу, чери жазылуу, көңүл ачылуу. *Бирге жүрүп, бирге ойноп, Бир кумардан чыгалы* (Бөкөнбаев).

ЧЫҚАНАК *зат.* **1.** Кар жилик менен күң жиликтин кошулган жериндеги, колду ичин көздөй ийгенде уруюп чыгып турган жери. *Бурма Токтогулду чыканагы менен нукуп.. эрдин тиштеп койду* (Аалы). *Кыздар бири-бирин чыканакка түртküлөшүп, шыңгыр күлүп жиберишти* (Бейшеналиев).

2. Кернейдин бурч болуп ийилген, кошулган жери.

ЧЫҚАНАКТА *этиш.* Чыканагы менен таянуу же чыканакты кандайдыр бир нерсенин үстүнө коюу. *Күлжан столду чыканактап отурат* (Байтемиров). *Жапар төрдө чыканактап, газета окуп жатып, үргүлөй баштаганда,.. ата-энесинин табышын укту* (Баялинов).

ЧЫҚАНАКТАЙ *сын.* Кичинекей, тыпыйган. *Чыканактай чыкчыйган келин Шариптин жанына олтуруп, чай куя баштады* (Бейшеналиев).

ЧЫҚАНАКТОО чыканакта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚҚЫНЧЫ *зат.* Элдин, өз тарабынын кызыкчылыгын сатуучу, өз тарабынан бөлүнүп, душман, кас тарапка өтүп кетүүчү же жашырын сырды, ишти душманга билдирип айтып коюучу киши.

ЧЫҚҚЫНЧЫЛЫК *зат.* Элдин, өз тарабынын кызыкчылыгын сатуучулук, жашырын сырды душманга билдирүүчүлүк.

ЧЫҚТА I *зат.* Көбүнчө кулундарды желеге байлоодо нокто менен желени бириктирүүчү, нокто жагындагы учу тээкке илинген кичирээк кыска жип. *Чыкта сулуу болсун деп, Чын жибектен эштирди* («Манас»).

ЧЫҚТА II *этиш.* Чык куюу, чык кошуу, чык аралаштыруу, нымдоо.

ЧЫҚТОО чыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚТУУ *сын.* **1.** Чыгы бар, чыгы көп.

2. Нымдуу; маңыздуу, ширелүү. *[Үйлар] сууга чыланган чыктуу чөптү күтүрөтө кайсоодо* (Бейшеналиев).

ЧЫҚЧЫЙ *этиш.* **1.** Тыпыйын кичинекей тыкан көрүнүштө болуу... *чыкчыйган келин Шариптин жанына олтуруп, чай куя баштады* (Бейшеналиев).

2. Өзүн-өзү жасап, сыланкороздонгон, көйрөңдөнгөн кебетеде болуу, чыкчырылуу. *Султанаалы чыкчыйып төргө отурду* («Ала-Тоо»).

ЧЫҚЧЫЙТ чыкчый этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫҚЧЫҢДА *этиш.* **Көтөрүлгөнсүп же тыкандыгын көрсөтүп тынсынуу, чыкчырылган кебетеде болуу.** *[Шарип] обу жок чыкчыңдап, тыңдуусунбаган* **(Бейшеналиев).**

ЧЫҚЧЫҢДАТ чыкчында этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫҚЧЫҢДОО чыкчында этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚЧЫРЫЛ *этиш.* Өзүн бирөөлөргө караганда жогору саноо, бой көтөрүү, тыңсынуу, чыкчыюу. *Ира чыкчырылып тилдөөгө ниеттенгени менен балдардын талоонуна каларын байкады* (Бейшеналиев).

ЧЫҚЧЫРЫЛУУ чыкчырыл этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚЧЫЮУ чыкчый этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚЫЙ I *зат.* Мандай сөөгү менен желке (кежиге) сөөгүнүн кошулган жери.

ЧЫҚЫЙ II чыкчый менен бирдей.

ЧЫҚЫЙЛА *этиш.* Чыкыйдан алуу, чыкыйын мыжуу, эзүү.

ЧЫҚЫЙЛОО чыкыйла этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚЫЛДА *этиш.* 1. Чык-чык эткен дабыш чыгаруу (көбүнчө металлдардан чыккан дабышка карата). *Бир жагынан кол машина чыкылдап,.. иш кызууда* (Сасыкбаев). *Чыкылдаган секунддун Жеңиштүү улам ар жагы* (Аалы).

2. *өт.* Өтө катуу суук болуп, күчүнө келип туруу. *Чыкылдаган кышкы аяз бетиколду тоңдурат* («Ала-Тоо»). *Аяз күүсүн чалат, чыкыроон чыкылдайт* (Қаимов).

ЧЫҚЫЛДОО чыкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҚЫЛЫҚТА *этиш.* Акырын шакылыктоо (көбүнчө сагызганга карата). *Анын үстүндө чыкылыктап, бир сагызган ойноп жүрөт* (Элебаев).

ЧЫҚЫР чакыр менен бирдей.

ЧЫҚЫРООН *зат.* Бети-башты тызылдаткан, денени ичиркенткен, карандай катуу суук. *Муздак жел зыпылдап, уламдан-улам чыкыроон күчөйт* (Жантөшев). *Үч тестиер бала чыкыроон кыштын түшүү кыңкайган ченде кычыраган чыйыр жол менен.. келатышты* (Бейшеналиев).

ЧЫҚЫРООНДО *этиш.* Суук тартуу, катуу суук боло баштоо, карандай суук, чыкыроон боло баштоо. *Күн чыкыроондоп, тоо башынан муздак жел согот* (Жантөшев).

ЧЫҚЫРООНДОО чыкыроондо этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЛА I *зат.* Жаандан кийин же кар эригенден кийин ар кайсы жерде, мал түнөгөн жайларда, токтоп калган ылайлуу сары суу, чалчык. *Малдардын чыласын тазалап, аларга жем-чөп даярдадык* (Абдукаримов). *Кар эрип, көчөлөрдөн сары чыла жылжып агат* (Абдукаримов).

ЧЫЛА II *этиш.* Сууга салып коюу, суу кошуп аралаштыруу, суюктукка салып коюу. *Чайга чылап муздатып туруп [жеди]* (Жантөшев). *Кырк жылы сууга чыласа, Кылт этип кылы оңбогон* («Манас»).

ЧЫЛАЛАН *этиш.* Чыла болуу, чылага айлануу.

ЧЫЛАН чыла II этишинин өздүк мамилеси.

ЧЫЛАП ЧЫН *зат.* Кир жуу үчүн ылайыкталып, ар кандай металлдардан сүйрү же тегерек формада жасалган идиш, дагара. *Омор, айланайын, үйгө киргиле! — деди Сагын чоң чылапчынга салган көңүн көтөрүп турган калыбы менен* (Жантөшев). *Бекжан абдесте менен чылапчынды апкелип меймандардын колуна суу куйду* (Абдукаримов).

ЧЫЛАТ чыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЛАШ чыла II этишинин кош мамилеси.

ЧЫЛБЫР *зат.* Ноктого же жүгөндүн бир жагындагы ооздуктун чагарагына тагылуучу үзүн тилке кайыш же көбүнчө кыл кошулуп эшилген жип. *Чоң койчу менен Эсен аттарын чылбырынан кармап четте турушат* (Жантөшев). *Жакып чылбырды үстүндан чечип, кунандын башын кыбыланы карай тартты* (Бейшеналиев).

◆ **Эки тизгин, бир чылбыр колуна тийүү**— бийликке келүү, бардык бийлик колуна тийүү. *Эки тизгин, бир чылбыр Эми сага бербесем Мени кудай урбайбы* («Эр Табылды»).

ЧЫЛБЫРДА чылбырла менен бирдей.

ЧЫЛБЫРЛА *этиш.* Чылбырдан алуу, чылбырдан кармоо; чылбырдан алып тутакктоо. *Жибербеди чылбырлап, Кармап алып кожону* (Тоголок Молдо).

ЧЫЛБЫРЛОО чылбырла этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЛГОО чулгоо менен бирдей.

ЧЫЛГЫЙ I *сын.* Чийки, иштетилбеген (көбүнчө териге карата). *Константин Макарович чылгый терилерди сууруп, кол арабасына сала баштады* (Қаимов). *Бутунда чылгый баш териден жасаган чарыгы бар* (Байтемиров).

ЧЫЛГЫЙ II *бөлүк.* Бүт, өңчөй, жалаң, чылк. *Сулуу кийген чылгый жибек кийимдей, Жүгөрүлөр шоодураган убагы* (Маликов).

ЧЫЛК *бөлүк.* Бүт, жалаң, өңчөй. *Сансыз сырдуу тетиктер, Буроо, труба бардыгы чылк темирден* (Аалы).

ЧЫЛҚЫЙ чылгый II менен бирдей.

ЧЫЛОО чыла этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЛПАҚ *зат.* Көбүнчө көз ооруп калган учурда, көздөн чыгуучу ириңдүү зат. *Бакир көзүнүн кычыктарындагы чылпактарын колу менен сүртту* (Абдукаримов).

ЧЫЛПАҚТА *этиш.* Көзүн чылпак басуу, көздөн чылпак агуу. *Молдонун эки көзү чылпактап, араң эле бүкчүйүп басып жүрөт* (Абдукаримов).

ЧЫЛПАҚТАН чылпакта этишинин өздүк мамилеси.

ЧЫЛПАҚТОО чылпакта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЛПЫЛДА *этиш.* Былч-былч этүү, сууга, терге чылануу, майы көп болуу. *Богогунан аккан тер Сызгыргандай чылпылдайт* (Аалы). *Мунуңузда [палоодо] май чылпылдап көп [экен,— деди Түгөл]* (Бейшеналиев).

ЧЫЛПЫЛДАТ чылпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЛПЫЛДОО чылпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЛЫҚ *зат.* Терс мүнөздөгү эски үрпадат, эски көз караш, каада. *Азыр баягы*

«чылыктын» оорсок намысын унутуш керек (Сыдыкбеков).

ЧЫЛЫМ *зат.* 1. Тартылган тамекинин түтүнү атайын куюлган суу аркылуу өтүп тазаланып чыгууга ылайыкталган прибор. 2. Түтүкчө кылып оролгон тамеки, папирос. *Чубалтат көпкөк түтүнүн, Чычайта ороп чылымын* (Маликов). *Андрей чылым жасады* (Сасыкбаев).

ЧЫЛЫМЧЫ *зат.* Чылым тартуучу.

ЧЫМ I *зат.* Тамырлары жыш таралып калың чөп баскан жердин үстүнкү катмары, кыртышы жана ошол катмардын же кыртыштын кетмен ж. б. менен чаап бөлүнүп алынгандагысы. *Келиндер.. күрөктөрүн кыртыштуу чымга батыра-батыра сайышат* (Сыдыкбеков). [*Шамбет*] *камчысынын сабы менен.. ташты түртүп, чымды алып таштап.. арыктарга суу жиберип коёт* (Сыдыкбеков).

◆**Чым көң** *к.* **көң.**

ЧЫМ II *бөлүк.* Чылк, чылкый, жалаң. *Чым ак.*

ЧЫМ III: чым этүү *же* **чым дей түшүү** — тыз дей түшүү, тызылдоо, тыз-тыз этүү. — *Чиркин жигиттин дартына сырас эле жүрөгүңүз чым этпейби?* (Каимов). *Күлүканды көргөндө* [*Жумабектин*].. *жүрөгү чым дей түшөр эле* (Касымбеков). **Чым дебөө** — кебелбөө, тоотпоо, сезбөө. *Биздин жылкычылар түнү менен деле жаанда калган учурлары болот. Чым деп да коюшпайт* (Байтемиров).

ЧЫМДУУ *сын.* Чым баскан, кыртыштуу. *Чымдуу жер. Чымдуу кыртыш.*

ЧЫМКЫЙ *бөлүк.* Чылк, бүт, жалаң, чылкый, чым. *Мага үшинетип, чымкый кызыл жибектен көйнөк кийгизди* (Жантөшев). *Ал да менден түңүлгөнбү, үн бербейт, Каадасынча чымкый кызыл гүл бербейт* (Аалы).

ЧЫМЧУУ чымчы этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫМЧУУР *зат.* Чок, көмүр ж.б. кыпчып кармоо үчүн ар кандай материалдан жасалган курал, кычкач, кыпчуур. *Тырмактарым болот чымчуурдай карышакарыша түшкөн экен* (Сыдыкбеков).

ЧЫМЧЫ *этиш.* 1. Бармактарын жана сөөмөйдүн учу менен көбүнчө дененин бир жерин катуу кысып кыпчый тартуу, үзүп алуу. *Чоконун уулу Алымга көзүн кысып койду да, Дарыяханды карыдан чымчып алды* (Жантөшев).

2. Кандайдыр бир нерсени эки же үч колдун башы менен кыса кармоо, кичинекичинеден алуу. *Самар кичине ойлоно калды да, Абаздын колундагы нымдуу кумдан чымчып алып, аны алаканына жайып карады* (Таштемиров). *Тегерек сакал абышка насыбайдан бир чымчып алды да, мурдунун эки таноосуна алмак-салмак жыттады* («Советтик Кыргызстан»).

◆**Чымчып сүйлөө** — тийиште сүйлөө, аз-аз сынга ала сүйлөө, сөздүн кыйыгын тийгизе сүйлөө. **Чымчып буума** — толтура, оозу араң тартып байлана турган. *Жайлоодон бир чоң торпок чаначка чымчып буума кылып саамал аралаштыра кымыз куйган* (Байтемиров).

ЧЫМЧЫК *зат.* Таранчы; жалпы эле чоңдугу таранчы сыяктуу болгон куштар, майда куштар. *Албаган куштан, ала моюн чымчык артык* (макал).

◆**Жылкычы чымчык**—эрте жазда келүүчү ала чымчык. *А дегенде келгин куштардын кабарчысындай болуп жылкычы чымчык жетип келчү* (Каимов).

ЧЫМЧЫМ: бир чымчым — бир чымчып кармоого келген өлчөм, кичинекей, эң эле аз. *Мен бир чымчым талкан менен бүт айылды тойгузам,— деди бала* («Жомоктор»).

ЧЫМЧЫТ чымчы этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫМЧЫШ чымчы этишинин кош мамилеси.

ЧЫМЫЛДА *этиш.* Өтө катуу, тез жүгүрүү, чуркоо, чикит оюнунда тызылдап чуркоо. *Белгисиз тарапты көздөй чымылдадык дейсиң* [*деди Бака*] (Бейшеналиев). *Кыядан ылдый чуркадым Кызды көрүп чымылдап* (Осмонкул).

ЧЫМЫЛДАК *зат.* Көбүнчө ууга чыкканда колдонулуучу, чыйылдаган ичке үн чыгаруучу ышкырык; оюнчук ышкырык. *Беркилер* [*отряддагылар*] *канчалык тыңшашпасын, Абаздын же чымылдактын чыйылдаган ичке үнү үгүлбады* (Таштемиров).

ЧЫМЫЛДАТ чымылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫМЫЛДЫК I *зат. диал.* Көшөгө.

ЧЫМЫЛДЫК II *зат.* Тамырлары сүйрү же тоголоогураак келип, арыктын жээктерине же дың жерлерге чырмоок сыяктуу чубалжып өсө турган, буурчактын гүлүнө окшогон кызыл гүлдөрү бар өсүмдүк. *Сары байчечекей, каз тамак,.. ак беде, жер буурчак, чымылдыктардын гүлдөрүнүн кулпунуп тургандарын карачы.*

ЧЫМЫН *зат.* 1. Көбүнчө жугуштуу оорулардын козгогучтарын таратуучу эки канаттуу жандык (курт-кумурска). *Ашыр баланын бетине коно калган чымынды коруп олтурат* (Сасыкбаев). *Аттар чымын-чиркейден ылаалап, мурундарын бышкыртып, токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов).

2. Диний түшүнүк боюнча: олуя, көзү ачык адамдарда болуучу көбүнчө жин ооруларга каршы күрөшүүдө көрүнбөстөн ошолорго кызмат кылып, жардамдашып жүрүүчү касиет, жин. *Чымыны кагылган бакшы. Чымындарды чакыр. Чымыны түшкөн бакшыдай буркулдайт.*

3. *өт.* Талант, ырдап жиберүү шыгы. *Адабият факультетине анча-мынча чымыны бар, бирдемелерди чийип жүргөн жаштар келет* (Бейшеналиев). *Токтогул ушул бала тегин көрүнбөйт, комузга дилгирлигине карагында чымыны бардыр дегенсип ойлонду* (Каимов).

◆**Чымын-куюн болуу** — өтө тез жүрүү, тызылдоо. *Как жарып кыштак үчин бак аралап, Победа бара жатты* (Абдыраманов). *Чымын-куюн болуп, көчө бойлоп Сатар чуркап келе жатат* (Баялинов).

Көзүнөн чаар чымын учуу — көңүлү караңгылоо, кыйналуу, кыйноо тартып, жаны кейүү; коркуу. *Көзүмдөн чаар чымын учуп, таң атканча кирпик какпай чыгам* (Бейшеналиев). *Толгоо тартып, көзүнөн чаар чымын учуп, араң олтурган Айганыштын сенден күткөнү ушул беле!?* (Сыдыкбеков).

ЧЫМЫНДА *этиш.* Өзүн чымындан коргоо, чымындан качып куйругу менен тез-тез шыйпануу, чапкылоо ж. б. (көбүнчө малга карата). *Жүдөө чобур суу боюнда чымындап* («Ала-Тоо»).

ЧЫМЫНДОО чымында этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫМЫР I. *сын.* Чың, бышык, чыйрак, көпшөк эмес. [*Барпы*] *мыртыйган чымыр колдору менен Ышкынаалынын жакасын камтый кармады* (Байтемиров).

ЧЫМЫР II: ымыр-чымыр болуу — чымырагандай абалда болуу, чыбыр-чубур, жыбыр-жубур эткендей боло түшүү. *Анархандын жүрөгү оозуна тыгылуу менен көзү ымыр-чымыр боло түштү* (Жантөшев). [*Айшанын*] *бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, маңдайынан тер чыпылдай түштү* (Жантөшев). *Бакирдин көздөрү андан бетер ымыр-чымыр болуп, аттан кулап түштү* (Осмоналиев). *Өмүр бою аты-жөнү туурасында чеки сөз укпаган баланын бүткөн бою дүрүлдөп, бети-башы ымыр-чымыр болуп чыкты* (Бейшеналиев).

ЧЫМЫРА *этиш.* 1. Дүүлүгүп жыбырагандай, чыбыр ала болгондой көрүнүү, жыбыр-жубур эткендей сезимде болуу (көбүнчө денеге карата). *Чарчаган буттары чымырап, жаны жыргап баратат* (Байтемиров). *Аяз күүсүн чалат: бет чымырап, кулак тызылдайт* (Каимов). *Столду бек чапкандыктан тыз-тыз чымырай түшкөн алаканы бир аздан кийин ысый баштады* (Сыдыкбеков).

2. Чыбырчыктоо; көөп жылый баштоо. *Чаргындын бул кеби чымырап калган казандын отун ичкерештиргендей болду* (Сыдыкбеков). *Жаз келип, карлар эрип, жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап, курт кыбырап* (Турусбеков). *Жазга жакын көктөмдө, Жер чымырап көпкөндө* (Осмонкул).

◆**Бети чымыроо** — уялуу, тартынуу. [*Бурманын*] *журттан бети чымырап, алдыртан шыпкынууда* (Сыдыкбеков).

ЧЫМЫРАТ чымыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫМЫРКАН *этиш.* 1. Катуу күч менен, күчүнүн бардыгынча аракет кылуу. [*Сапар челекти*].. *чымырканып бети-башынан бери кызарып-татарганы.. менен жерден үзө албады* (Бейшеналиев).

2. Бел байлоо, тырышуу, кайраттануу, өзүн-өзү бекем кармоо. *Кыйынчылыкка чымырканып, өзүнө этият бол* (Абдукаримов). [*Какелей*] *өзүнө жалгыз көрүнгөн сырды жанга угузбоого чымырканды* (Бейшеналиев).

ЧЫМЫРКАНУУ чымыркан этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫМЫРОО чымыра этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫН *зат.* Анык; даана; туура, ырас, калп эмес. — *Деги ушу көргөзмөгө жиберери чын бекен?* (Байтемиров). *Чын айтсам кепке ишенбей, Жалган кылды сөзүмдү* (Токтогул). *Чынын айтканда сен абдан бактылуу экенсиң* (Жантөшев).

◆**Чын тийбес** — болор-болбос, кичинекей эле нерсени көңүлүнө ала турган, бир нерсеге тез эле таарына турган. *Же кургур ошончолук макоо беле, Чын тийбес, начар кыял, жөн билбеген* (Турусбеков). **Оюн-чындан** — бир чети тамаша, бир чети чын катарында, тамашага шооткотуп. *Жылкычылар дагы оюн-чындан Жолойду тамаша кылышат* (Жантөшев). **Чын жүрөктөн** *же* **чын жүрөгү менен** *к.* **жүрөк**.

ЧЫНАР *зат.* 1. Салааланган жазы жалбыракту, бийик өсө турган жыгач. [*Алар*] *эки түп чынардын көлөкөсүндө отурат* (Абдукаримов). *Көрүндү бийик өскөн бир түп чынар, Кез болду ыңгайлуу жер көч тыныгар* (Үмөталиев).

2. *өт.* Таяныч, тирек, жөлөк, калканч. *Элим ошол чоң түп чынар, мен бир бутак, Мен өлсөм, элим тирүү, атымды угат* (Үмөталиев).

ЧЫНДА *этиш.* Чыны менен, бардык күч-аракети менен киришүү. *Фатима болсо Жүкөштүн чындап эле чарчаганын сезди* (Сасыкбаев). *Өңү купкуу болуп, чындап эле коркуп алды* (Байтемиров). [*Бардык*] *ишке чындап киришүү керек* («Советтик Кыргызстан»).

ЧЫНДЫГЫНДА *мод.* Чынында; туурасы; чынын айтканда, туурасын айтканда. *Чындыгында Павелдин сөзүнө кошумчалоого же башкача кеңеш берүүгө сөз таппадым* (Жантөшев).

ЧЫНДЫК *зат.* Тууралык, жалган эместик, кандайдыр бир сөздүн, окуянын ж. б. туурасы, чыны; акыйкат, болгон натыйжа. *Жылдызкан бул иштин чындыгын он беш күн өткөндөн кийин билди* (Байтемиров). *Жумушчу адам ар дайым иштин тууралыгын, чындыгын сүйөт* (Жантөшев). *Сураган суроого чындыкты айтып жооп бер* (Жантөшев).

ЧЫНЖЫР *зат.* 1. Бирине-бири илиништирилип жасалган темир тизмек. *Чоң көк ала дөбөт чынжырын шылдыратып бойдон качырган эле* (Сасыкбаев). *Конвейерден чынжыр тасмасы шаркылдап, тынымсыз жылып турууда* (Сасыкбаев).

2. *өт.* Тушоо, кишен.

3. *өт.* Байланыш. *Бурма менен Токтогулдун ортосундагы мээрбандыктын үзүлбөс чынжыры ого бетер чыңалды* (Аалы).

ЧЫНЖЫРЛА *этиш.* 1. Чынжыр менен байлоо, чынжыр менен бекитүү. *Артыма колум чынжырлап, Байланганда кербезим* (Токтогул).

2. *өт.* Байлоо, бекитүү. *Турмуш Күмушканды чынжырлады* (Бөкөнбаев).

ЧЫНЖЫРЛАН чынжырла этишинин өздүк мамилеси.

ЧЫНЖЫРЛОО чынжырла этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫНЧЫЛ *сын.* Чындыкты сүйлөгөн,

чындыкты сүйгөн, калп айтпаган. *Булар жүрөгү өрт, чынчыл пионерлер эмеспи* (Бейшеналиев).

ЧЫНЫ I *зат.* Ооз жагы жайыгыраак, түп жагы куушураак келген, анчалык чуңкур эмес, көбүнчө чай ичүү үчүн колдонулуучу идиш. *Ал чынындагы чайын уурдабастан олтуруп Акимдин ишин мактап кетти* (Сыдыкбеков).

◆**Ыр чыны** *к.* **ыр.**

ЧЫНЫ II: чыны менен — чын эле, чындап, анык. *Үйдөн чыны чыккамын Учурашып келүүгө* (Токтогул). **Чыны карагат** — кадимки карагат, кара карагат.

ЧЫНЫГУУ чынык этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫНЫГЫ *сын.* Анык, чын, таза. *Демек, алардын чыныгы аттары Сакадай, Анархан?* (Жантөшев). *Чыныгы алтын. Чыныгы жибек.*

ЧЫНЫК *этиш.* Бышыгуу; чың болуу. *Сөзү жатык, эмгек менен чыныккан, Аракети дайым үлгү берди эле..* (Аалы). *Дүгдүгүй бүгүш тартып далысы кең, Чыныккан чымыр дене эмгек менен* (Абдыраманов).

ЧЫНЫКТЫР чынык этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫНЫНДА чындыгында менен бирдей.

ЧЫҢ I *зат.* Тоонун эң бийик жери, тик кеткен эң бийик жер. *Тоо бүркүттөр толгоно албас чыңдардан — Жол жасадың, машиналар чурады* (Аалы). *Ашыр чың ылдый сабалаган бойдон түшүп кетти* (Сасыкбаев).

ЧЫҢ II *сын.* 1. Нык, чымыр; бошоң эмес, көпшөк эмес. *Баарынын жүздөрү кайраттуу, денелери чың* (Бөкөнбаев).

2. *өт.* Бекем, катуу, кайраттуу. *Отуз бешке жашып толду чыңалып, Эмгекчи элдин бирдиги чың куралып* (Осмонкул).

ЧЫҢ III *туур.* Көбүнчө баланын ыйлаганындай болгон ичке ачуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чың-чың үнү чың чыгат Чымырканын бу Манас Добушу катуу чоң чыгат* («Манас»).

ЧЫҢА *этиш.* 1. Чың кылуу, бекем кылуу; күчөтүү, өнүктүрүү. [*Ленин*] *эмгекчини баш көтөрүп курадың, Эл достугун бекем кылып чыңадың* (Осмонкул). *Жаңы уюшулган.. колхоз чарбасын* [*жаштар*] *чыңай баштады* (Сыдыкбеков).

2. Чалгынын, кетмендин ж. б. мизин чыгара, мизин жукарта чапкылоо, чапкылап чыңдоо. *Чалгы чыңады. Кетмен чыңады.*

3. Керүү, кере тартуу, чыйралтуу, чоюу. *Асан карыя, комузунун.. кылын саал чыңап тээгин.. жогору жылдырып койду* (Аалы).

ЧЫҢАЛ чыңа этишинин түюк мамилеси.

ЧЫҢДА *этиш.* Чыңоо, бекемдөө, арттыра күчөтүү. *Чыңдайлы эмгек менен тынчтык күчүн* (Үсөнбаев).

ЧЫҢДАЛ чыңда этишинин түюк мамилеси.

ЧЫҢДОО I *зат.* Чыңдалган жер, чыңдалган коргонуу жайы. *Чыңдоолор куруу. Чыңдоолорду талкалоо.*

ЧЫҢДОО II чыңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҢК *туур.* Үзүлүп-үзүлүп чыккан ичке үндү же металлга урулгандагыдай ичке дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Туйгунуңдун сыр найза, Чымын консо чыңк эткен* («Манас»).

ЧЫҢКЫЛДА *этиш.* Чорт-чорт ичке үн чыгаруу, чыңк-чыңк этүү.

ЧЫҢКЫЛДОО чыңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҢОО чыңа этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҢЫЛДА *этиш.* 1. Чыйылдаган ачуу ичке үн чыгаруу. *Чыңылдап үнү чыкты.*

2. Чың-чың этип үн чыккандай сезилүү. *Кулагы чыңылдайт.*

ЧЫҢЫЛДОО чыңылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҢЫР *этиш.* Абдан катуу, ачуу ичке үн чыгаруу, ушундай үн чыгарып ыйлоо. *Калмураттын колун кармап, Алима чыңырып жиберди* (Абдукаримов). *Кемпир бечара ботодой боздоп, кулундай чыңырып, алы кетип жыгылып кала берди* (Токтогул).

ЧЫҢЫРТ чыңыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫҢЫРУУ чыңыр этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫҢЫРЫҢ *зат.* Чыңырган үн, чыңырган ичке ачуу үн. *Жылкы жыйылбай калды, Чыңырыгы тыйылбай калды* (Тоголок Молдо).

ЧЫП: чып-чып *туур.* 1. Ичке нерсени (мис., чыбыкты) тез шилтеп, жумшагыраак нерсеге тийгенде чыккандагыдай ичке табышты билдирүү үчүн колдонулат. *Чып-чып тийген камчынын табышы угулат.*

2. Ымшыганда, тердегенде тер көбүрөөк сызылып чыккандыгын билдирүү үчүн колдонулат. [*Салыктын*] *бою ымшып, чекесинен чып-чып тер чыгат* (Каимов).

ЧЫПАЛАК *зат.* Колдун же буттун манжаларындагы эң акыркы (бешинчи) кичинекей манжа. *Уруя болсо сол колунун чыпалагын тиштеген бойдон бир калыпта* [*отурат*] (Байтемиров). [*Каныбектин*] *өзгөчө сол бутунун чыпалагы кара көк тартып шишип кеткен* (Жантөшев).

ЧЫПКА *зат.* 1. Көбүнчө сүттү сүзүү үчүн кылдан же марлядан жасалган сүзгүч.

2. Түйдөктөшкөн, тугурукташып, кирип калган. *Чыйырчыктай карала, Чыпка күйрук Сарала* («Манас»). *Эми сага окшогон чыпка сакалдан кайыр сурап олтурам* (Аалы).

ЧЫПКАЛА *этиш.* Чыпкадан өткөрүү, чыпкадан өткөрүп сүзүү, тазалоо. *Суу ташылбай же жетпей калса, шахтёрлор.. ылай кара сууну чыпкалап шимиришчү* (Сасыкбаев).

ЧЫПКАЛАН чыпкала этишинин өздүк мамилеси.

ЧЫПКАЛАТ чыпкала этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫПКАЛОО чыпкала этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫПТА I *зат.* Кендирден жасалган кап, мешок. *Нурмат колдошуп көтөрмөкчү болуп чыптаны колу менен оңтойлоду* (Абдукаримов). *Алар чыпталарга буудай салууга үлгүрбөй жатышты* (Абдукаримов).

ЧЫПТА II *зат. эск.* Билет. *Жүр, Канымкул, чыпта сатып алалы, Фрунзеге ылдам кирип баралы* (Осмонов).

ЧЫПТА III *этиш.* Кынай жабыштыруу, кыналыштыруу, кыналган абалда болуу. *Пияладай кара көздүн үстүндөгү калың кара каш тим эле чыптап койгондой* (Абдукаримов).

ЧЫПТАЛ чыпта этишинин туюк мамилеси.

ЧЫПТАМА *зат.* Ичтен кие турган жеңсиз, жалаң кат кыска бешмант, желетке. *Кызыл тукаба чыптамасы* [*кыздын*] *денесин чыпыйтып кучактап турат* (Байтемиров).

ЧЫПЧЫРГА : чыпчыргасын коротпой— эч нерсесин калтырбай, коротпой, бардыгын, бүт. *Чыпчыргасын коротпой, Буюмуңду беремин* («Мендирман»).

ЧЫПЫЛДА *этиш.* 1. Чып-чып эткен дабыш чыгуу (мис., ичке чыбык же камчы менен чабуудан).

2. Чып-чып этип, сызылып чыгуу, агуу (көбүнчө терге карата). [*Ашырдын*] *чекесинен тер чыпылдады* (Сасыкбаев).

ЧЫПЫЛДАТ чыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫПЫЛДОО чыпылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫР I *зат.* Чатак, жанжал. *Чыр чыкпай турган кылуу керек. Арзыкул иши кылып түрдүү нерседен кынтык таап, чыр чыгара албай.. турду* (Байтемиров). *Үйүмө жаткырбайм деп чыр кылганы жатасыңбы* (Бейшеналиев).

ЧЫР II *туур.* 1. Тез, чукулунан, мис., кайнап жаткан майга муздак суу таамп кеткенде чыккан сыяктуу дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

2. Чымчыктын, чегирткенин ж. б. безелене, чырылдай чыккан ичке ачуу дабышын билдирүү үчүн колдонулат.

◆**Чыр айлануу** — кескин, өтө тез айлануу.

ЧЫРАГДАН *зат.* Лампа, чырак, шам.

ЧЫРАЙ *зат.* Өң, жүз, беттин өңдүү-түстүүлүгүнүн көрүнүшү. *Карып билинер-билинбес калтырак баскан колу менен.. ээктен бир аз көтөрдү эле, Салиманын чырайы ошол замат жарк эте түштү* (Абдукаримов). *Салый Жамиланы жакшы чырайы менен каршы алды* (Баялинов). *Айшанын атасы Шыйкымбай арык чырай, чарчы бойлуу, кара тору адам эле* (Токобаев).

ЧЫРАЙЛУУ *сын.* Өңдүү, өңдүү-түстүү, татынакай. *Кыз баладай чырайлуу, Кызыктуу көлдүн өзү экен* (Маликов). *Урия мурункудан да укмуштуудай чырайлуу, назик* (Бейшеналиев).

ЧЫРАК *зат.* 1. Ортосунда билиги бар, көбүнчө керосин менен жарык кылынуучу шам, лампа, чырагдан. *Текчеде жетинчи чырак бир калыпта бүлбүлдөйт* (Абдукаримов). [*Батыш*] *чыракты өчүрдү да, төшөгүнө барып отурду* (Байтемиров).

2. *өт.* Көбүнчө «чырагым, шам чырагым» деген формада айтылып, «балам, кулунум, жарыгым» деген сыяктуу мааниде колдонулуучу сөз. *Мен кеткенде төрт жашар Аркамда калган чырагым* (Токтогул).

◆**Чырагына май тамуу** — оңдой берди болуу, ишинин оңолушуна жардамчы болуу.

ЧЫРАКПАЯ *зат. диал.* Чырактын алдына койгуч.

ЧЫРАКТАЙ *сын.* Татынакай, келишимдүү. *Чырактай болгон кызың турат, ошонун амандыгын тиле* (Байтемиров). [*Зарыл*] *өзү курдуу кыздардын ортосунда.. чырактай болуп олтурат* (Сыдыкбеков).

ЧЫРАШ *зат.* Жалбырактары тамырынан таралган, эрте жазда гүлдөөчү жапайы өсүмдүк.

ЧЫРАШТА *этиш.* Чаптоо, жабыштыруу. *Жийдегүл* [*Лениндин сүрөтүн*] *кызыл чүпүрөккө чыраштап, анын кырка жээгин.. жашыл шайы менен кыюулап койгон эле* (Сасыкбаев). *Токтогул торпоктун мойнуна кетсе да, чыраштап койгондой зэрине бекем олтурат* (Аалы).

ЧЫРГА *зат.* Бүркүттү таптап үйрөтүүдө колдонулуучу түлкүнүн кеби. *Чырга тартуу. Чырга менен бүркүт үйрөтүү.*

ЧЫРГАЙ *сын.* Чыргоо, чатакчыл. *Бардыгы кээде тентек, кээде жөнтөк, Ар бири кээде чыргай, кээде элпек* (Аалы).

ЧЫРГОО *сын.* Чатак, таарынчаак, эпкежөнгө көнбөгөн, чыргай.

ЧЫРГООЛОН *этиш.* Жөнү жок эле шылтоо менен чатак салуу, чыргоолук кылуу. *Балдары түз эле конфет сурап чыргоолончу болду* (Убукеев).

ЧЫРГООЛОНТ чыргоолон этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРГООЛОНУУ чыргоолон этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРГООЛУК *зат.* Чыргоолонгондук, чатактык, чыргоо мүнөз. *Баланын илмийген эрыктыгы, ноокаска жакындыгы.. аны чыргоолукка айландырып баратты* (Каимов).

ЧЫРДА чырла менен бирдей.

ЧЫРК *туур.* Көбүнчө чымчыктардын чыр-чыр эткен кыска дабышын билдирүү үчүн колдонулат. *Чымчык чырк-чырк дейт да безилдейт.*

ЧЫРКАНАК чычырканак менен бирдей.

ЧЫРКЫЛДА *этиш.* Чырк-чырк эткен дабыш, үн чыгаруу (көбүнчө чымчыкка карата). *Каркылдаган карга,.. чыркылдаган чымчык жок* (Жантөшев).

ЧЫРКЫЛДОО чыркылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРКЫРА *этиш.* 1. Чыр-чур этүү, чырылдаган үн чыгаруу (мис., чымчык). *Чымчыктын баары чыркырап, Кулак тунуп чуркурап* (Тоголок Молдо).

2. Чырылдап ыйлоо, чырылдаган ачуу дабыш чыгаруу. *Апакелеп чыркырап, Эте-*

гине тырмышты (Үмөталиев). *Катын, бала чыркырап, Калгандагы кербезим* (Токтогул).

3. Чырылдаган, чыр айланып катуу шуулдаган дабыш чыгаруу (мис., ыргыган таш). *Ачууланып эр Манас, Бир чүкөну черткени, Чыркырап чүкө кеткени* («Манас»). *Туурадан ыргып майда таш, Бута атым кетет чыркырап* (Аалы).

ЧЫРКЫРАТ чыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРКЫРАШ *этиш.* Чырылдашып, чатакташуу, кер-мур айтышуу, талашып-тартышкан ырксыз мамиледе болуу. *Башта жакшы эле, кийинки бир-эки жылдын ичинде көп чыркыраша турган болду* (Байтемиров).

ЧЫРКЫРОО чыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРЛА *этиш.* Чыр чыгаруу, жөнү жок, ыгы жок шылтоо менен чыр салуу.

ЧЫРЛАШ *этиш.* Чатакташуу, кыжылдашып, кер-мур айтышуу. *Жакын жүргөн досуңа Жаман айтып чырлашпа* (Осмонкул).

ЧЫРЛАШУУ чырлаш этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРЛОО чырла этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРЛУУ *сын.* Чыры бар; чырлашкан, уруш-кериш менен, чатак менен. *Май ичип чырлуу жашагыча, суу ичип тынч жашаган жакшы* (Байтемиров).

ЧЫРМ чырым I менен бирдей.

ЧЫРМА *этиш.* 1. Каршы-терши ороп байлоо, тануу, артылтып, айланта ороо. *Чыгарып тасма кайыш канжыгамды, Чырмадым карыштыра оозун таңып* (Осмонкул). *Сабына сары жез чырмаган камчы* (Аалы). *Чымын канат чырмаган Чийиң калды, энеке* (Тоголок Молдо).

2. *өт.* Курчоо, чулгоо, басуу (санаа, кыял, кырсык ж. б.). *Жакыпты токсон толгонтуп санаага чырмаган мына ушул кат* (Бейшеналиев). *Санааркап, ичтен сызып Сапар жүрөт, Бир башын токсон тогуз кыял чырмап* (Маликов).

ЧЫРМАК *зат.* Чырмоо жолу менен көбүнчө чийге салынган түр. *Килем көчөт келтирип, Чырмак салган чийине* (Тоголок Молдо).

ЧЫРМАЛ чырма этишинин туюк мамилеси.

ЧЫРМАТ чырма этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРМОО чырма этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРМООК *зат.* Агыш кызгылт гүлдүү, чырмалышып, оролушуп өсө турган өсүмдүк.

ЧЫРМЫКТА чырныкта менен бирдей.

ЧЫРНЫКТА *этиш.* Анча-мынча ооруп калуу, кичине ооруп калуу, сасык тумоолоп калуу. *Ушу өткөн анча-мынча күнү чырныктап калганы болбосо, [Жылдызкандын] саламаттыгы да жакшы* (Байтемиров).

ЧЫРНЫКТОО чырныкта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРПУУ чырпы этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРПЫ *этиш.* Кичине, анча-мынча өөнөө, өөнөп кесүү же анча-мынча жаңсап тийип кетүү, жанып кетүү. *..Ашым ыргыткан тобурчак [чымчыктын] оң канатынын учун чырпып өттү* (Сыдыкбеков).

ЧЫРПЫК *зат.* Бак-даректын майда бутактары. *Чүй суусунун наркы өйүзүндөгү токойдон кыркылган.. чырпыкты ташуу кыйын болду* (Сасыкбаев). *[Турпан талды].. кертип-кертип арыктын жээгине сайып койсоң, чырпыктарын дүпүйтүп көктөй берет* (Сыдыкбеков).

ЧЫРПЫЛ чырпы этишинин туюк мамилеси.

ЧЫРПЫТ чырпы этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРТ *туур.* Чытырап жарылгандай же чыйт эткендей кыска кескин, дабышты билдирүү үчүн колдонулат. *Муз жарылып чырт этти. Данияр жай гана чырт түкүрүп коюп, арабасын көздөй басып кетти* (Айтматов).

◆ **Чырт кесүү** — шарт кесип алуу, ылдам, чарт кесүү. *Мектептин аймагында жок чөп кездешип калдыбы, [Мукай] аны сабагынан чырт кесип алат же түбүн чукуп кирет* (Таштемиров). **Чырт дей түшүү** — жактырбаган мүнөздө кыялын тез өзгөртүү, таарына түшүү. *Гүлнар энесинин бул кебин жактырбай чырт дей түштү* (Сыдыкбеков).

ЧЫРТЫЙ *этиш.* Жактырбаган мүнөздө боло түшүү, жактырбаганын билдирип, кыялын тез өзгөртүү, таарынуу, теригүү; керкейүү. *Анын [Кумаркандын] сөзүн кулагы чалып калган Суусар чыртыя түштү* (Байтемиров).

ЧЫРТЫЛДА *этиш.* 1. Чырт-чырт эткен дабыш чыгаруу. *Муз чыртылдап жарыла баштады.*

2. *өт.* Жактырбаган мүнөздө чукул кыял көрсөтүү. *Сатуучу чыртылдай баштады* (Каимов).

ЧЫРТЫЛДАТ чыртылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРЧЫЛ *сын.* Чыр чыгарганды жакшы көргөн, урушчаак, чатак. *Күйөөң чырчыл көрүнөт, Эми болушка күндө чакырат* (Токтогул).

ЧЫРТЫЮУ чыртый этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРЫЛДА *этиш.* 1. Чыр-чыр этүү, чыр-чыр эте безеленген ачуу дабыш, үн чыгаруу. *Алды жагыбыздан канатын эбелектетип чырылдап түшүп келаткан торгойду көрдүк* (Жантөшев). *Кез-кезде гана чырылдаган чегирткенин табышы угулат* (Жантөшев).

2. Чыркыраган ачуу үн чыгаруу, чыркырап ыйлоо, безилдөө. *..Чырылдагандай болсо, Актамак байбиченин үнү басылбай көктуну башына көтөрдү* (Сыдыкбеков).

3. Чыркырай катуу айланып, шуулдаган дабыш чыгаруу, чыркыроо (мис.,

ыргыган таш). *Үкөдөй таштар чырылдап үчүп, чаң чыгып,.. дүбүрөдү* (Сасыкбаев).

ЧЫРЫЛДАТ чырылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫРЫЛДАШ чыркыраш менен бирдей.

ЧЫРЫЛДОО чырылда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫРЫМ I: чырым этүү — кичинекей уктап алуу, азыраак уктап ала коюу. *Ат үстүндө.. ат жалын кармап чырым эткен болобуз* (Жантөшев).

ЧЫРЫМ II *зат.* Карта кагазынын бир түрү, чытыр (2-маанисинде).

ЧЫРЫМТАЛ *зат.* 1. Жаңы төрөлгөн жаш баланын денесиндеги же канаттуулардын балапандарынын денесиндеги сары түк. *Чырымтал жүнү чылк алтын, Тебөөрү болот темирден* («Семетей»).

2. *өт.* Жаш, өсүп жетиле элек кез. *Ал кезекте мен чырымтал, сен кырчын* (Бөкөнбаев). *Чырымтал кезде жаңылтып, Жалганчы кылар тилимди* («Курманбек»).

ЧЫРЫШ чыраш менен бирдей.

ЧЫТ I *зат.* Пахтадан жасалып, түр салынган же бүт боёлгон жука кездеме. *Берди белине илинген кызыл чытты сууруп кызына...ыргытты* (Жайтөшев). [*Бурма*] *чыт көйнөгүнүн үстүнөн саймалуу белдемчисин тартынган* (Каимов).

ЧЫТ II: быт-чыт *к.* **быт.**

ЧЫТЫ: кабак чытуу — кабагын бүркөө, капаланган кебетесин билдирип кабагын тырыштыруу. [*Кемпир*] *кабагын чытып, баласына карады* (Байтемиров). *Каныбек кабагын чытып, жаралуу санын эки колу менен мыкчый кармап отурган эле* (Жантөшев).

ЧЫТЫР I *зат.* 1. Уулуу чөп. *Беш үй үүгүп өлүптүр,.. чытыр жесе керек* (Байтемиров).

2. Карта кагазынын бир түрү, чырым.

ЧЫТЫР II: чытыр-чытыр *туур.* Абдан чыңалып чыгуудан, ашкере чыңалып кетүүдөн кычырагансып чыккан дабышты билдирүү үчүн колдонулат.

ЧЫТЫРА *этиш.* 1. Чытыр-чытыр эткен дабыш чыгаруу, ашкере чыңалып кетүүдөн чытыр-чытыр этүү.

2. Кычыроо, кычырап өтө катуу болуу (көбүнчө суукка карата). *Кышкы түндүн чытыраган суугуна карабастан денебизден тер кетип, беттеребиз ысып чыкты* («САЖИ»).

3. *өт.* Абдан чыңалуу, толуу. *Уйлардын желиндери чытырап, казандай болуп.. теңселе басып келишет* (Бейшеналиев).

4. *өт.* Менменсинип, көбүнкү абалда болуу.

ЧЫТЫРМАН *сын.* Өтө калың, жыш (токойго карата). *Чытырман токойлору адамды сукгандырат* (Абдукаримов). *Тыяк жагындагы карарып жаткан калың бак, өзүнчө.. чытырман токой* (Убукеев).

ЧЫТЫРОО чытыра этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧ *этиш.* 1. Заңдоо.

2. *өт.* Бүр байлоо, жаңыдан бүр ача баштоо; жаңыдан кылтыйып өнө баштоо (мис., талдын бүчүрлөрү).

3. *өт.* Абдан коркуу, абдан коркуп кетүү.

ЧЫЧАЙ *этиш.* 1. Сербейүү, сербейип чыгып туруу. *Күлүңдөгөн тегерек көздүү, жээрде сакал, мурутгары чычайган кызыл киши — үй ээси Салык* (Каимов).

2. *өт.* Керейүү, бой көтөрүп дердейүү. *Эриң ферме болгондон бери чычайып эле көктү карап калдың го* (Байтемиров).

◆ **Чычая качуу** *же* **тануу** — абдан, кашая, жан талашып качуу же тануу. *Курманаалы өгүздү алган жокмун деп чычая танды* («Жомоктор»).

ЧЫЧАЙТ чычай этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЧАЛА I *зат.* Чала күйгөн отун, күйүп бүтпөгөн чырпык, бир тал отун. *Түтөп жаткан чычалаларды эки киши аралай басышты* (Абдукаримов).

ЧЫЧАЛА II *этиш.* Өзүнө карата айтылган сөздү, сыңды көтөрө албоо, кызырандоо, тануура аракеттенүү, тамашаны чын көрүү. *Чычалабай экөөбүз, Чындыкты таап берели* (Осмонкул). *Сени [жолдошторуң] сөзгө алып, кичине тамаша кылып, күлүп отуралы дешсе, сен чычалап кеттиң, Балта* (Байтемиров).

ЧЫЧАЛААК *сын.* Тез чычалай турган, сынды, тамашаны көтөрө албаган. *Балтанын тышкы көрүнүшү көлөөйүп турган менен чычалаак, катуураак тамашалап койсо.. урушууга чейин барат* (Байтемиров).

ЧЫЧАЛАК чычалаак менен бирдей.

ЧЫЧАЛАТ чычала этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЧАЛОО чычала этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧАҢ *зат.* 1. Өсүндү сыяктанып кеткен эң акыркы куйрук омурткалары жана көбүнчө эчкинин куйругу. *Эчкилер чычаңын чычайтып, аскага чыга качышты* («Жомоктор»).

2. *өт.* Арты, эң арты.

ЧЫЧАҢДА *этиш.* Куйругун сереңдетүү, куйругун серейтип чуркоо, секирүү. *Уйлар токтолбой, күн ысыганда.. куйругун шыйпанып, чычаңдап, сайгактай баштады* (Элебаев).

ЧЫЧАҢДАТ чычаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЧЫЧАҢДОО чычаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧАЮУ чычай этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧКАК *зат.* 1. Аш казандын бузулушунан пайда болгон ич оору, ич өткөк.

2. Ичи көп өтүүчү, ич өткөк оорусу бар. *Жыл он эки ай иш кылып, Чычкак улак албаса* (Токтогул).

ЧЫЧКАКТА *этиш.* Ичи өтүү, ич өткөк менен ооруп калуу.

ЧЫЧКАКТОО чычкакта этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧКАН *зат.* 1. Тумшугу ичкерээк келген, узун куйруктуу, көбүнчө боз түстөгү кемирүүчү жандык. *Карышкырды сынасаң улак байлап кой, чычканды сынасаң каптагы унга капкан салып кой* (Жантөшев).

2. Эски эсеп боюнча айбандардын атынан түзүлгөн он эки жылдык жыл эсебинин биринчи жылынын аты. *Чычкан жылы.* **Арс чычкан** *же* **арыс чычкан** — жүнү ак, куйругунун учу кара, териси баалуу анча чоң эмес жырткыч жандык. *Козунун чоңдугу арс чычкандай эле* (Баялинов). **Тыйын чычкан** *к.* **тыйын. Чычкан мурду жоргологус** — калың, өтө жыш, чытырман. *..Майда бүчүрлөр бири-бирине чырмалышып, чычкан мурду жоргологус болуп бүтөлүп калган* («Ала-Тоо»). **Чычкан мурдун канатпоо** — эч нерсе сойбоо; кан чыгарбоо. *Таптатынакай кызын узатып жатып,.. чычкан мурдун канатып койбоптур а!* (Абдукаримов).

ЧЫЧКАНДАЙ *сын.* Кичинекей, кенедей. *Жиниңди келтирип эмне кылысың чычкандай балага?!* (Байтемиров).

ЧЫЧКЫ *зат.* 1. Заңдагысы келүүчүлүк.

2. *өт.* Чыдамсыздык, чыдабагандык. *Чычкысы кайнады. Чычкысы кырылып калды.*

ЧЫЧКЫЛАН *этиш.* Чыдамсыздануу, шашылып, кыйпычыктоо.

ЧЫЧКЫЛАНУУ **чычкылан** этишинин кыймыл атоочу.

ЧЫЧКЫЛУУ *сын.* Чыдамсыз, шашма, чыдамы жок. *Чычкылуу жигит.*

ЧЫЧЫМ *сырд. сүйл.* Тентек, бейбашшок. *Шашпа, чычым, сенин көзүңдү ачпа самбы!* (Бейшеналиев).

ЧЫЧЫР *этиш.* 1. **чыч** этишинин аркылуу мамилеси.

2. *өт. сүйл.* Коркутуу, абдан коркутуу, кыстоо.

ЧЫЧЫРКАЙ *зат. анат.* Ичегилерди туташтырып туруучу жука чарым.

◆ **Чычыркай май**— ичегилер менен туташкан бездүү май.

ЧЫЧЫРКАНАК *зат.* Топ-топ жана узун болуп өсүүчү, ачуу жемиштери бар тикенектүү бадал өсүмдүк. *..түп-түп чычырканак дүпүйүп, бүрдөп турган биринсерин сары тал менен жылгын көрүнөт* (Сыдыкбеков).

ЧЫШТАЙ *сын. сүйл.* 1. Нак, накта, бүт, толук. *Акчаны чыштай эле санап бердим.*

2. Таза, мыкты (көбүнчө кийим жөнүндө). *Чыштай кийинүү.*

ЧЭЭН *зат.* Кээ бир айбандардын (мис., аюу, суур ж. б.) же курт-кумурскалардын кыш бою аракетсиз, сулк жата турган жайы, үңкүрү, ийини. *Тоо башына кар түшүп, суурлар чээнге кирди* (Жантөшев). *Курт-кумурска да чээнден чыгып кыймылга келди* (Убукеев).

Ш

ШАА I шах I менен бирдей.

◆ **Шаа мүйүз** — каркайган узун мүйүз. *Буудайчы арабага кошкон шаа мүйүз эки кызыл өгүздү сабалап айдап жүрүп отурду* («САЖИ»). **Дөө-шаалар** — мансаптуу, даражалуу кишилер, улуктар.

ШАА II: шаасы келбей калуу *же* **шаасы жетпөө**—бир нерсени аткарууга, иштөөгө алы келе албай калуу, чамасы жетишпөө.

ШААБАЙ: шаабайы суу — маанайы басандоо, көңүлү чөгүү. *Шаабайы сууган Мукаш кетенчиктей берип, көгөндөгү ак козуну чечип келди* («Жаш ленинчи»).

ШААЛ: көк шаал — куштун кайыштан, көктөн жасалган боосу.

ШААН: шаан-шөкөт — шаң, салтанат. *Купуяны төркүндөрү күйөөгө бергенде чоң шаан-шөкөттөр менен узатты* (Аалы). *Шаан-шөкөт, шарактаган Кечелери бир сонун* (Бөкөнбаев).

ШААНИ *зат.* Көрк, шаң, салтанат. *Саймадай гүлдөр жадырап Шаанига салган жылганы* (Бөкөнбаев). *Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын! Шаанисы сенсиң асмандын* (Бөкөнбаев).

ШААНИЛҮҮ *сын.* Шаанисы бар, шаңдуу, эң жакшы , эң мыкты. *Шаанилүү, сөөлөт күткөн эркин элим, Кубанып жаңы жылың куттуктаймын!* (Бөкөнбаев). *Эмнеси болсо да, айылдан окчун эки үйгө ушул терек кадыресе шаанилүү көрүнүп, жарашып турат* (Қаимов).

ШААР *зат.* Административдик, өнөр жай, соода жана маданий борбору, кыштакка караганда калк көп орношкон ири пункт. *Фрунзе шаары. Борбор шаарлар.*

ШААРДЫК *сын.* 1. Шаарда туруучу, шаарда жашаган. *Шаардык адам. Шаардык студенттер.*

2. Шаарга таандык. *Шаардык комитет. Шаардык совет.*

ШАБДАЛЫ *зат.* Түштүк жактарда өсүүчү мөмө дарагы жана анын жумшак, ширелүү келген, данеги одуракай, саргыч же кызгылтым тартып бышкан мөмөсү.

ШАБИЕТ *зат.* Эки тарап болуп, бир тарабы аркаларын салып тегерете отуруп, экинчи тарабы отургандарды чаап, тийип качып ойноп турган белгилүү эрежеси бар оюн.

ШАБЛОН *зат.* 1. Формасы, көлөмү ж. б. боюнча окшош болгон буюмдарды жасоодогу үлгү, калып, нуска.

2. *өт.* Бир нерсени иштөөдө адат катары колдоно берме, ойлонбой, өзгөртпөй туурай берме үлгү, штамп.

ШАБЫР I *зат.* Саздуу жерлерде чыгуучу майда камыш. *Шабырдан аңыр учурбай, Шашканда учту атчу элең* («Эр Табылды»).

ШАБЫР II: шабыр-шубур *туур.* Камыштуу, куурайлуу, калың чыккан чөпчардуу жерди аралаганда чыккан дабыш.

ШАБЫРА *этиш.* Шабыр-шубур эткен дабыш чыгаруу. *Катуу шабыраган табыш чыга түштү* (Сыдыкбеков). *Шабырап калың дарак жүгүнүшөт* (Бөкөнбаев).

ШАБЫРАТ **шабыра** этишинин аркылуу мамилеси.

ШАБЫРОО шабыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАГЫЛ *зат.* 1. Майда таш. *Тоо теке шагылды шалдырата куланып келип, койчунун тушуна жатып калды* (Сасыкбаев).

2. Көмүрдүн ушул сыяктуу майда кесектери. *Кайло урчукка тийип, көмүр шагылына урунуп, аңкилдек атты* (Сасыкбаев).

ШАГЫЛДУУ *сын.* Майда таштуу, майда шагылы, ташы көп. *Шагылдуу жолдо жөө келген буттар талыкшыйт* (Абдукаримов).

ШАГЫРА *этиш.* 1. Урунуу, кагылуу аркылуу калдыраган дабыш чыгаруу (ташка же башка катуу, кесек нерселерге карата). *Баарыбыздын чөнтөгүбүздө шагыраган чүкөлөрүбүз бар* (Баялинов).

2. *өт.* Өтө көп болуу, топтолуп, жыйылып туруу, тизилип туруу. *Кызыл чокторду кылычтары керегеде шагырап илинип турат* (Элебаев). *Шагыраган калың эл.*

ШАГЫРАТ шагыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАГЫРОО шагыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАДЫ *зат.* Колдун манжалары. [*Дмитрий*] *барбайган шадылары менен ..мурутун жанып-жанып алып, кайраттуу айтты* (Сыдыкбеков).

ШАДЫЛУУ *сын.* Узун манжалуу, шадылары узун. *Тенти шадылуу колун Кычандын тизесине койду* (Бейшеналиев).

ШАЙ I *зат.* Ал, күч, кубат, дарман; абал. *Баскан сайын тизеге чыккан куртку анын шайын кетирет* (Байтемиров). *Эрмектин шайын айтайын: Эрдиги күчөп толуптур* (Тыныбеков).

ШАЙ II *сын.* Бардык жагы сонун, ойдогудай. *Калкы менден бай бекен, Камылгасы шай бекен?* (Тыныбеков).

◆ **Төрт түлүгү шай** *к.* **түлүк.**

Шай келүү — туура келүү, ылайык келүү. *Анын жүзү тамылжыган, шай келет Азыр эле айтып жаткан сөзүнө* (Аалы).

Шайма-шай — бардык жагы төп келишкен, даяр, ойдогудай. *Жаракталып жоого аттанган бактырдай, Жалпы журтум туу түбүндө шайма-шай* (Маликов).

ШАЙ III шайы менен бирдей.

ШАЙБЫР *зат.* Жылкынын жорго жүрүшү, бағыты. *Арчатору буудандын Шайбырына төндүрүп, Басыгына көндүрүп* («Эр Табылды»).

ШАЙБЫРЛА *этиш.* Шайбыр жүрүшүн салуу, жорголоо. *Шайбырлай түшүп жорголоп, Үстүнөн суусу шорголоп* («Семетей»).

ШАЙДООТ *сын.* Шамдагай, кыймыл-аракети чыйрак; куунак. *Кызматка шайдоот камданса, Эмгек менен эл гүлдейт* (Токобаев). *Ашыр аке тоют жөнүндө бирдемелерди айта баштаганда, шайдоот баскан келин сарайдан чыга келди* (Убукеев).

ШАЙДООТТОН *этиш.* Чечкиндүү, кайраттуу болуу, белсенүү, шайма-шай көрүнүштө болуу. *Шаңдуу күндө шайдоттонбой Эр-азамат турабы!* (Маликов). *Жөө кишилер шайдоттонуп, станциядан узап чыгышты* («Ала-Тоо»).

ШАЙКА *зат.* Кандайдыр бир кылмыштуу иш үчүн бириккен адамдардын тобу. *Уурулардын шайкасы. Бандиттердин шайкасы.*

ШАЙКЕЛЕҢ *сын.* Тентек, шок. *Шайкелең кыздай көрбөсүн Энем менин өзүмдү* (Жантөшев).

ШАЙКЕЛЕҢДИК *зат.* Тентектик, шоктук, ээнбаштык; жеңил мүнөздүүлүк.

ШАЙКЕШ *такт.* Эп келген, туура келген, ылайыкташкан. *Жаман чырактын жарыгына шайкеш келгенсип, бардыгы кайгылуу көрүнүшкө жымжырт* (Жантөшев). *Карып эки ойдун шайкеш келгенине оябай таң калып, күлүмсүрөдү* (Абдукаримов).

ШАЙЛА I *этиш.* Добуш берүү аркылуу кандайдыр бир ишке, депутаттыкка ж. б. көрсөтүү, дайындоо. *Эмгекчинин эркиндигин каалаган Эл жактырып эпкиндүүдөн шайлаган* (Барпы).

ШАЙЛА II *этиш.* Даярдоо, камдоо, дайындоо, белен кылуу. *Камданды биздин чал дагы Үрөнүн камдап, сокосун шайлап* (Борбугулов). *Кынсыз кылыч байланып. Болот чокмор колго алып, Күл азыгын шайлады* («Эр Төштүк»).

ШАЙЛАН шайла этиштеринин өздүк мамилеси.

ШАЙЛАНУУЧУ *зат.* Шайлоодо шайлана турган, шайлоого кандидатурасы көрсөтүлгөн киши.

ШАЙЛАТ шайла этиштеринин аркылуу мамилеси.

ШАЙЛОО I *зат.* Шайлануучуларды көпчүлүктүн (шайлоочулардын) добушуна коюу аркылуу депутаттыкка же башка кызматтарга өткөрүү, бекитүү жолу.

ШАЙЛОО II шайла этиштеринин кыймыл атоочу.

ШАЙЛООЧУ *зат.* Шайлоого катышуучу, шайлоого укугу бар адам.

ШАЙМАН I *зат.* Бир нерсе өндүрүүгө, курууга, жасооого ж. б. колдонулуучу эмгек куралдары, жарак-жабдык. [*Чаргын*] *шаймандарды бышыктап, үрөндү текшерет* (Сыдыкбеков). *Өндүрүш шаймандары.*

ШАЙМАН II шай I менен бирдей. *Арабакечибиздин аты ак көбүктөнүп, шайманы кетип да калды* (Бөкөнбаев).

ШАЙТАН *зат.* 1. Диндик ишеним боюнча: көзгө көрүнбөй же кубулуп жүрмө адгыгыч.

2. *өт.* Бирөөгө наалат айтууда же тамаша кылууда колдонулуучу сөз. *Динар кайраттанып, бек-бек унчукту: — Ой, шайтан! Сен алыс чуркаба* (Сыдыкбеков). *Асмандан түштүңбү же буудайдын арасынан чыктыңбы, шайтан?* (Сыдыкбеков). *Локуйган шайтан комузду мага сунбагай эле* (Сыдыкбеков).

◆ **Шайтан болуу** — кокустан, күтпөгөн жерден бир иш болуу, ойлобогон иш болуу. *Шайтан болсо арык аттабай бут сынат тура* (Сыдыкбеков). **Шайтаны кармоо** — терс иш кылуу, мүнөзү жаман жагына өзгөрүлүү; ачуусу, жини келүү. *Чөнтөгүңдү көрсөтчү. Сенин шайтаның*

кармап жүрбөсүн («Жаш ленинчи»). **Шайтаны мойнуна минүү**—аябай ачуусу, жини келүү.

ШАЙТАНДА *этиш.* Жини кармоо, жаалдануу, ачуусу келүү.

ШАЙТАНДУУ *сын.* Зыяндуу, жоболоңдуу, кесепети тийүүчү. *Сактангыла, шайтандуулар жүрбөсүн* (Аалы).

ШАЙЫ *зат.* Жибек кездеменин бир түрү. *Шайы жууркан. Шайы жоолук.*

ШАЙЫК *зат.* 1. *дин.* Исламдын диндик общинасынын баштыгы; дин кызматкери. *Чөйрөсүнө Мекенин толуптур аламайбы. Алдалап, чуркап бастырбайт, Кайырчы менен шайыгы* (Аалы).

2. Мусулмандардын бейит кайтаруучусу, бейит сактаган адам.

ШАЙЫР *сын.* Көңүлдүү, тамашакөй, куунак, жадырап-жайнаган, көңүлү шат. *Шайыр жаштар. Нурбай өтө сөзмөр, жомокчул, шайыр жигит эле* (Баялинов).

ШАЙЫРДЫК *зат.* Көңүлү куунактык, тамашакөйлүк, шайыр мүнөздүүлүк. *Комсомолка, күлкү турмуш биздики, Жаша, иште шайырдыкты узартып* (Турусбеков).

ШАЙЫРЛАН *этиш.* Шайыр мүнөздүү, көңүлү куунак абалда болуу, көңүлү шаттануу. *Каныбек мурункудай шайырланып көп сүйлөштөйт* (Жантөшев). *Яша шайырлана амандашты* (Жантөшев).

ШАЙЫРЛАНУУ шайырлан этишинин кыймыл атоочу.

ШАК I *зат.* 1. Бактын бутагы. *Эң сонун Москванын бир чоң багы, Ийилет ар кай жерде бактын шагы* (Үмөталиев). *Кубулжуп булбул сайраса, Талдын көркү шагында* (Жантөшев).

2. Сугаруу, суу жаюу үчүн салынган майда тармактуу арыктар.

◆ **Шагын сындыруу** — көңүлүн калтыруу; уят кылуу. *Кемпир кызды эч күнөөсүз жерден тилдегендей сезилди, шагын сындыра какканын жактырбадым* («Ала-Тоо»). *Таштанбек чал жүйөлүү сөзгө такалып, шагы сына түштү* (Убукеев).

ШАК II *зат.* Бозо салуу, малга жем кылуу үчүн тегирменге тартылган таруу же башка эгин. *Таруу шак. Жүгөрү шак.*

ШАК III *туур.* 1. Урулуудан, кагылуудан чыккан кыска, ачык дабыш. *Эшиктен чыга бергенде эле шак-шак эткен камчынын үнү угулду* («Советтик Кыргызстан»). *Ышкырды аяз чапчып, туман каптап, Боздодум дат айталбай тишим шак-шак* (Бөкөнбаев). *Кийин-кийин жаштык күндөрүңдү эстеп, алаканыңды шак коюп каласың* (Бейшеналиев).

2. Тез, дароо, чукулунан; күтүлбөгөн жерден. *Шак буруп трактору айдап Эрмек, Алгандай эскиликтен өткөн өчүн* (Бөкөнбаев). *Сырткы каалганы ачкан кезде ылдыйкы этажга шак эле муздак аба кирет* («Ден соолук»).

ШАКАБА *зат.* Бирөөнү мазактаган, шылдыңдаган тамаша, күлкү, ызалуу сөз.

ШАКАР *зат.* Куурай өсүмдүгүнүн (көбүнчө алабатанын) күлүнөн даярдалуучу жегич кайнатма зат (муну эл самын даярдоо үчүн да колдонушкан). *Шакар өчүрүү. Шакар кайнатуу. Шакар самын.*

ШАКЕК *зат.* Кооздук үчүн колдун манжаларына кийгизилүүчү, баалуу металлдардан жасалган ар түрдүү формадагы буюм, жүзүк. *Алтын шакек. Көздүү шакек. Шакек салынуу.*

ШАКЕКЧЕ *зат.* 1. Шакектин кичинекейи.

2. Шакек формасындагы, шакекке окшогон нерсе.

ШАКЕЛ *зат.* Мал жеген чөптөн, тоюттан калган кашек. [*Сарайдын*] *кээ жеринде шакел үйүлгөн* (Сыдыкбеков). *Аттын чыласында жатып, сарала болгон бир тутам ным шакелди түтөтүп коюп, очоктун жанында жеңем отурат* (Элебаев).

ШАКЕЛДЕ *этиш.* Чөптөн, тоюттан шакел, кашек чыгаруу, кашектөө.

ШАКИРТ *зат.* Бир ишти (көбүнчө усталыкты же башка өнөрдү) үйрөнүп, аны дагы улантуучу окуучу. *Кыргыздын ушул күндөгү Атайга окшогон комузчулары Токтогулдун аныс шакирти болуп эсептелишет* (Бөкөнбаев). *Бекжан устага шакирт болуп иштейт* (Абдукаримов).

ШАКМАР *зат.* 1. Малдын (көбүнчө койдун) жүнүнө жабышып, тоголоктошуп калган кык, каткан чыла.

2. Кагмар, өтө булганч, кир. *Шакмар кийим.*

ШАКМАРЛАН *этиш.* Шакмар болуу, кирдөө.

ШАКМАРЛАНТ шакмарлан этишинин аркылуу мамилеси.

ШАКМАРЛАНУУ шакмарлан этишинин кыймыл атоочу.

ШАКТУУ *сын.* Шагы көп, бутактуу, бутактары көп. *Четиндер чоң түп тартып, үй ордундай жер эзелеп дүңүйүп шактуу* (Сыдыкбеков). *Табылды менен Зарыл олтургузган алма жыгачы шактуу* (Сыдыкбеков).

ШАКШАК *зат.* 1. Сынган сөөккө узунунан жанаштыра коюп таңа турган жыгачтар.

2. Манжа сөөктөр.

3. Бутундагы боосун чокубас үчүн жыгачтан майда кылып жонуп, жипке тизип, алгыр куштун башына кийгизип коюучу нерсе.

4. Бөлөк-бөлөк болуп самсаалап тоңгон муздар; какмар, шакмарланып жабышкан кир, чыла. *Жол көрүнбөй түз болуп, Сакалы шакшак муз болуп* («Эр Табылды»). *Кийимдин шакшагы.*

ШАКШАКТА *этиш.* 1. Шакшак коюп таңуу.

2. Шакшак болуп самсаалап, катып туруу.

3. Булганч нерселер жабышып өтө кирдөө, булгануу.

ШАКЫЙ *зат.* Баштын нерв оорусу. *Шакыйы кармоо.*

ШАКЫЙНА шакый менен бирдей.

ШАКЫЛДА *этиш.* 1. Шак-шак этүү, шак-шак эткен дабыш чыгаруу. *Поезд шакылдап жүрүп баратат.*

2. Үнүн катуу чыгарып тез-тез сүйлөө,

дап сөзмөр болгусу келет (Сыдыкбеков). *Бара-бара баягы Жылдызкандын уяңдыгы жоголуп, шакылдап сүйлөй турган болду* (Байтемиров).

ШАКЫЛДАК *сын.* Тартынбай сүйлөгөн, шакылдаган. *Турар оюнкарак, шакылдак болчу* (Сасыкбаев).

ШАКЫЛДАТ шакылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАКЫЛДОО шакылда этишинин кыймыл атоочу.

ШАКЫЛЫКТА *этиш.* Шак-шак этип үн салуу (сагызганга карата). *Сагызган шакылыктап, жар таштын башына келип коно калды* (Сасыкбаев).

ШАЛ I *зат.* 1. Паралич оорусу (бир органдын өз функциясын аткарбай, кыймылдабай же эч нерсени сезбей калган абалы). *Ал шал болгон, жардамсыз кишинин кебетесин көрдү* (Аалы). *Алым деген иниси шал болуп калат* (Жантөшев).

2. *өт.* Күчсүз, алсыз, алы жок, кайраты жок, араң жан. *Күйүттөн күчтүү жаш чыкпай көздөн, Шал болуп дене сезимдер өлгөн* (Абдыраманов).

ШАЛ II шалы I менен бирдей.

ШАЛ III: шал төгүн — өтө жалган, өтө калп, таптакыр төгүн. **Көл-шал тердөө** — алка-шалка тер басуу, кара терге түшүү. *Оору адамдын көтөрүлгөн температурасына жайдын ысык жели да кошулуп, Шыйкымбай көл-шал болуп тердеп жатат* (Токобаев).

ШАЛА I *сын.* Жүдөө, жабыккан, жабыркаган, алсыраган, арык. *Айлың ала болсо, атың шала болот* (макал).

◆ **Шала кулак** — салаңдаган, салбыраган, узун кулак, шалпаң кулак (жылкынын, эшектин кулагы).

ШАЛА II *этиш.* Тез-тез, шамдагай, ылдам жасоо, ишгөө. *Жакшы балдар экен, кызылчаны шалап жиберишти — деп, экинчи аял бизге жалына кетти* (Таштемиров).

ШАЛАЙ *этиш.* Алсыз, күчсүз болуп шалкаюу, далдыроо. *Ал сөздү айтып далайып, Ачкалыктан шалайып, Эки буту салайып* («Манас»).

ШАЛАК: шалак этүү *же* **шалак дей түшүү** — тез жыгылып кетүү, жыгылып түшүү. *Колундагы кетмени шалак этип жерге түшүрү* (Жантөшев). *Чалкасынан шалак дей түштү.*

ШАЛАКТА *этиш.* 1. Катуу, ыкчам жүрүш менен жүрүү, жүгүрүү. *Шалактап катуу жүрүш менен бараткан атчандар.*

2. Шалкылдоо. *Сынган колу шалактап калды. Буту-колу шалактап, жыйналып отурууга жарай албады* («Ала-Тоо»).

3. Алдан тайып, муун-жүүнү бошоо, алсыроо. *Бүткөн бойдун баарысы Күчтөн тайды шалактап* («Эр Төштүк»).

4. Олдоксун, обу жок жүрүш-турушта болуу, адепсизденүү. *Баягыдай шалактай бербей, адептүү, уятту киши болсоңчу* («Чалкан»).

5. Токтобой, тынымсыз чыгуу, агуу (мис., тер). *Таш эмчек ийип кеткенсип, Шалактап тери агыптыр* (Токобаев).

ШАЛАКТАТ шалакта этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛАКТОО шалакта этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛАКЫ *сын.* Илээнди, жүүнү бош, тыкан эмес. *Кийинки күндө [Шабыраалы] өзү да шалакы болуп кетти* (Байтемиров). *Шалакы эле Кандай алда жүрөт деп Кейидиңби үстү-үстүнө кайгы жеп?* (Турусбеков).

ШАЛАКЫЛЫК *зат.* Илээндилик, жүүнү боштук, тыкан болбогондук, шалакы кишиге мүнөздүү көрүнүш, сапат. *Жумушка салкын караочулук, шалакылык ириде шахтёрдун ырысына балта чабат* (Сасыкбаев).

ШАЛАҢ *зат.* Өгүздүн, эшектин ээрин алдыга кетирбөө үчүн толорсуктан өйдөрөөктөн (куйруктун астынан) тартылган боо.

ШАЛАҢДА *этиш.* Шалаң тартуу, шалаң байлоо.

ШАЛБАА *зат.* Саздуу, калың чөптүү ным жер. *Шалбаа жерлер. Шалбаалар жана жайыттар.*

ШАЛБЫРА *этиш.* Бошоп, былбырап калуу; чың, чыйрак болбой салбырап, салаңдап туруу (териге, териден жасалган кийим-кечеге же денеге карата). *Чокойлор бутта шалбырап, Куур тон жондо калдырап* (Токомбаев). *Ээгинин алдындагы териси шалбыраган кары кемпир.*

ШАЛБЫРАҢКЫ *сын.* Бошоңку тарткан, шөлбүрөгөн, салбыраган, салаңдаган. [*Бугимовдун*] *арык бетинин шалбыраңкы териси титирейт* (Сасыкбаев).

ШАЛБЫРАТ шалбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛБЫРОО шалбыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛГАМ *зат.* Эрте бышуучу бир жылдык бакча өсүмдүгү.

ШАЛДАЙ *этиш.* 1. Алсыроо, шайы кетүү, шалдыроо, мууну бошоп шалкаюу. *Чоң Койчу үшкүрө шалдайып, Кубатка карады* (Жантөшев).

2. Таң калганда, эсине келе албай шашып же апкаарый түшкөндө ж. б. учурларда эмне кыларын билбей туруп калуу, дедее түшүү. *Жума эмне айтарын билбей шалдая түштү* (Жантөшев).

ШАЛДЫР: шалдыр-шалдыр *туур.* Бирибирине урунган, кагылышкан катуу темир-тезектен, жыгачтан же башка топ нерселерден чыккан дабыш. *Шалдыр-шалдыр эттирип, үчкөлөрүн тулубунан алып чыга баштады* («Жаш ленинчи»). *Шалдыр-шалдыр дабыш салып арабанын келатканы угулат* («Ала-Тоо»).

ШАЛДЫРА *этиш.* 1. Шалдыр-шалдыр этүү, шалдырттаган дабыш чыгаруу. *Шалдыраган араба. Шагыл таштар шалдырап, куюла баштады. Аңгыча ачкычтар шалдырай баштады* (Аалы).

2. Бүткөн бою бошоп чарчоо, алы кетүү, шалдаюу. *Мууну бошоп жалдырап Бутколу шалдырап* («Эр Табылды»). *Оюмда колго кеткен сүйгөн теңим Шалдырап араң басып жүрө келди* (Үметалиев).

3. Шалкылдап бошоо, бошоп калуу. *Мунун абдан туура! — деди шалдыраган үч-төрт тиши калган бир абышка* (Жантөшев).

ШАЛДЫРАК *зат.* Шалдырттаган, шалдыр-шалдыр эткен дабыш чыгаруучу балдардын оюнчуу.

ШАЛДЫРАТ шалдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛДЫРОО шалдыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛДЫРТ *туур.* Катуу нерселер бири-бирине кагылышканда, урунганда ж. б. учурларда шалдыр-шалдыр этип ачык чыккан дабыш. *Шалдырт эткен дабыш чыккан жакка карап, тайган жүгүрүп жөнөдү* («Ала-Тоо»). *Кишенин шалдырт-шалдырт эттирип кашка бээ арыкты бойлой жөнөп калды* («Ала-Тоо»).

ШАЛДЫРТТА *этиш.* Шалдырт-шалдырт эткен дабыш чыгаруу, шалдырт-шалдырт этүү. *Чынжыры шалдырттап, конвейер иштей баштады* (Сасыкбаев). *Чачынын учуна тагылган эки-үч ачкычы кемпирдин кадамын ар дайым шалдырттап санап турат* (Саманчин).

ШАЛДЫРТТАТ шалдыртта этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛДЫРТТОО шалдыртта этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛК: шалк этме — эски убакта жоо куралы катары чабышта колдонулган, башына уланган тоголок темири бар таяк.

ШАЛКАЙ *этиш.* 1. Шалдаюу, көтөрүлбөй, көтөргөнгө келбей калуу. *Абдыракмандын көздөрү жигердүү болгону менен, колу шалкайып, комузу жерге түштү* («Ала-Тоо»). *Абдылданын сол колу шалкайып калды* (Байтемиров).

2. Муун-жүүнү бошоп, шалдырап алы кетүү; кайратын жоготуу, чыйрак, тың болбоо. *Батийна шалкая түштү* (Сыдыкбеков). *Кардуу бороон, шамалдан Камыгып денем шалкайды* (Каралаев).

ШАЛКАЙТ шалкай этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛКАЮУ шалкай этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛКЫЛДА *этиш.* Бек абалынан өзгөрүп бошоп калуу, козголуу, кыймылдап калуу. *Ооздогу тиштер шалкылдап, көздүн курчу кетти* (Жантөшев).

ШАЛКЫЛДАТ шалкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛП *туур.* Суюк нерсени шапшыганда, чапкылаганда же үстүнө бир нерсе түшкөндө, ит, мышык суюк нерсени тили менен шалпылдата ичкенде ж. б. учурда чыккан дабыш.

ШАЛПАЙ *этиш.* 1. Тик, түз абалда болбой, бир жагына жапырылып, салаңдап калуу, шалпыюу. *Кулактары шалпайган чоң кара эшек минген киши салам айтып токтой калды* («Ала-Тоо»). *Малдан күчтүү төө болот Астынкы эрди шалпайган* (Калык).

2. Толук, чың болбой, бош көрүнүштө болуу, арыктап, шалдырап бошой түшүү, кебетеси кетүү. *Желиндери шалпайып, уй байып бараткан кез. Шалпайып өңдөн азуу.*

ШАЛПАЙТ шалпай этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛПАҢ *сын.* Салаңдаган, шалпайып жатып турган (мис., кулак). *Карыя шалпаң кулак тору атын үстөкө-босток теминип, кыйкырып келе жатты* («Ленинчил жаш»).

ШАЛПАҢДА *этиш.* Шалпайган, төмөн карай салаңдаган абалда аркы-терки шалпылдоо, талпаңдоо.

ШАЛПАҢДОО шалпаңда этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛПАЮУ шалпай этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛПЫ I: шалпысы бошоо— мааниси жок болуу, жүүнү бошоо, ылдыроо, бошоң тартуу. *Карындары ачканда бардыгынын шалпысы бошоп, ындыны өчүп калган* («Ала-Тоо»).

ШАЛПЫ II *этиш.* Уят сөздөрдү тартынбай, ылгабай сүйлөй берүү, тантып кетүү. *Эркек менен аялдын мамилеси жөнүндө эң укмуштуудай шалпып сүйлөгөн адепсиз киши экен* («Ала-Тоо»).

ШАЛПЫЙ шалпай менен бирдей.

ШАЛПЫҢ *сын.* Эрди шалпыйган, шалпайып түшүп турган. *Кайыптын шалпың эрди ыржыят* (Сасыкбаев). *Куйругу кыска, бою чоң Шалпың эрин, тик кулак, Баладай эки өркөчү Семиргенде тик турат* (Үсөнбаев).

ШАЛПЫЛДА *этиш.* 1. Шалп-шалп этүү (сууга же башка суюк нерсеге карата). *Урматтап, жарга урунуп көл шалпылдайт. Ак чабак айга атылып күн жаркылдайт* (Осмонов).

2. Салбыроо, салпылдап туруу. *Чоң кисе жанда шалпылдап Соору өтүк сууга чалпылдап* («Эр Табылды»).

ШАЛПЫЛДАК *сын.* Шалпылдаган, шалпыйган, шалп-шалп эткен. *Алдынкы ээрди шалпылдак, Атаң Манастан калган Желмаян* («Манас»).

ШАЛПЫЛДАТ шалпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛПЫЮУ шалпый этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛТАК *сын.* Кир, булганыч, ыпылас, таза эмес.

ШАЛТАКТА *этиш.* Кир болуу, булгануу, ыпылас болуу.

ШАЛТАКТАТ шалтакта этишинин аркылуу мамилеси.

ШАЛТАКТОО шалтакта этишинин кыймыл атоочу.

ШАЛЧА *зат.* Жерге салуу үчүн кебезден же жүндөн ийрип согулган таар. *Жерге эски ала шалча жая салынган* (Абдукаримов).

ШАЛЫ I *зат.* Күрүч өсүмдүгү жана анын акталбаган даны. *Шалы эгүү. Шалы актоо.*

ШАЛЫ II: шалы жоолук — чачысы бар, гүлдүү чоң жоолук.

◆ **Көк шалы** — маасынын, кепичтин кончуна, тумшугуна кооздук үчүн салынган түр, сайма.

ШАМ I *зат.* 1. Жарык кылуу үчүн малдын (көбүнчө эчкинин) майынан же башка май затынан билик коюп жасалган чырак.

2. Жалпы эле жарык кылуу үчүн жагыла турган чырак, электр жарыгы. *Үйгө шам жагылды. Электр шамы.*

◆ **Ильичтин шамы** — электр лампочкалары. *Колхозчулардын үйлөрүндө Ильичтин шамы күйүп турат* («Советтик Кыргызстан»). **Шам намаз** *же* **намаз шам** — кечки намазды окуй турган мезгил, убак.

ШАМ II *зат.* Намыс көрбөгөндүк. *Мага эмне шам, ушул көрүнүшүм менен бара бербейимби* («Ала-Тоо»).

ШАМ III: шам-шум этүү — бир аз тамактанып алуу, өзөк жалгоо, чала-була тамактануу. *Мен чала-була шам-шум этип, мектепке чуркадым* («Ала-Тоо»).

ШАМАЛ *зат.* Абанын горизонталь багытындагы жылышы, катуулап соккон жел. *Шамал катуулап, жаан чапкындай баштады* (Жантөшев). *Көл бетине жылдыз жайнап, сыдырым шамал жүрдү* (Каимов).

ШАМАЛДА *этиш.* 1. Шамал жүрүү, шамал болуу. *Күн шамалдап келди көрүнөт* (Жантөшев).

2. *өт.* Сергүү, таза абада эс алуу, таза аба жутуу.

ШАМАЛДАТ шамалда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАМАЛДУУ *сын.* Шамал көп болуучу, шамал болуп турган. *Аңгыраган чөл эле, Кум учурган шамалдуу* (Үмөталиев). *Саратан салкын шамалдуу, Жайдан баштап сайрады* (Тоголок Молдо).

ШАМАНА *зат.* Жарык кылуу үчүн колдонулуучу шам, чырак.

ШАМДАГАЙ *сын.* Кыймылы эптүү, тездик, кылдаттык менен иштөөнүн ыгын жакшы билген, тыкан. *Биз канчалык кайраттуу жана шамдагай болсок, ишибиз ошончолук ийгиликтүү болот* (Жантөшев). *Ашыр шамдагай ыргып, терезеден шыкаалады* (Сасыкбаев).

ШАМДАГАЙЛЫК *зат.* Шамдагай кишиге мүнөздүү сапат, ылдамдык, тыңдык. *Сылык сөз жана шамдагайлык ар бир сатуучунун ыйык милдети* («Советтик Кыргызстан»). *Насип кроваттан секирип түрүп, кийим-кечесин шамдагайлык менен кийине баштады* (Таштемиров).

ШАМПАҢ *туурасы:* **шампанское.**

ШАМПАНСКОЕ *зат.* Шуулдап, көбүрүп туруучу жүзүмдөн жасалган вино сыяктуу ичимдик.

ШАМШАР *зат.* Кылыч формасындагы чоң канжар; чоң бычак. *Келериңде дүкүйө, Көк болот шамшар канжарсың* (Токтогул). *Чочмор менен урушуп, Шамшар кындан суурушуп* («Эр Табылды»).

ШАМШАРЛА *этиш.* Шамшар менен кесүү, тилүү, жаруу. *Кордугу өткөн калмактын Шамшарлап канын төгөйүн* («Эр Табылды»).

ШАМЫЯН *зат.* Кошко, арабага чегилген өгүздүн мойнундагы моюнтурукка өткөрүлүүчү жыгач же темирден жасалган казык. *Шамыянын шайлатып, Кош өгүзүн байлатып, Жетти Жакып желиге* («Манас»).

ШАҢ *зат.* Шаан-шөкөт, шат, эң сонун көрк, салтанат. *Тигил беттеги үйлөрдөн чыккан жарыктар ушул жапайы эки тоонун ортосун шаңга бөлөгөнсүйт* (Шимеев). *Кырчын жаштар керилген, Сенин шаңың Ала-Тоо* (Турусбеков). *Ааламга биздин шаңыбыз Угулуп жатат дүңгүрөп* (Осмонкул).

ШАҢГЫР *туур.* Үндүү металлдын же башка заттын кагылып термелишинен чыккан созулуңку ачык дабыш. *Коңгуроо шаңгыр-шаңгыр кагылды.*

ШАҢГЫРА *этиш.* Шаңгыр-шаңгыр эткен дабыш чыгаруу. *Коңгуроолор шаңгырап, өрт өчүрчү машиналардын дуулдаган катуу добуштары кулакты тундурду* (Аалы). *Комуздун дабышы шаңгырай баштаганда, Субан эшикке чыкты* («Ала-Тоо»).

ШАҢГЫРАТ шаңгыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАҢГЫРОО шаңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАҢДАН *этиш.* Шаңга бөлөнүү, шаңдуу болуу. *Чаргын ого бетер шаңдана түшүп, кетменди күүлөп-күүлөп согот* (Сыдыкбеков). *Ала-Тоонун чокулары элес-булас шаңданышат* (Баялинов).

ШАҢДАНТ шаңдан этишинин аркылуу мамилеси.

ШАҢДАНУУ шаңдан этишинин кыймыл атоочу.

ШАҢДУУ *сын.* Шаттуу, шаңданган, шаңга бөлөнгөн, салтанаттуу. *Тобурчактай булкунган улардан шаңдуу жүрүш менен алга жөнөп калышты* (Жантөшев). *Чоор үнү дагы шаңдуу, дагы бийик көтөрүлдү* (Жантөшев).

ШАҢК *туур.* Ачык, катуу күлгөндө чыккан дабыш. *Ойдо жок күлкү үлүшү мага тийип, Шаңк этип бүткөн үнүм чыкты бийик* (Абдыраманов). *Качан болсо шайыр сенин жүрөгүң, Кандай кубат сенин шаңк-шаңк күлгөнүң* (Турусбеков).

ШАҢКАЙ *этиш.* Ачык, даана, бийик болуп көрүнүү (көбүнчө асманга карата). *Шаңкайган ачык асман.*

ШАҢКАЙТ шаңкай этишинин аркылуу мамилеси.

ШАҢКЫЛДА *этиш.* Ачык, катуу күлүү, ырдоо, үнүн бийик чыгарып сүйлөө. *Эркингүлдүн шаңкылдаган күлкүсү дүлөөнө бүтүндөй өзгөрттү* (Жантөшев). *Соня менен Сергей шаңкылдай сүйлөшүп, алдыга кетишти* (Сасыкбаев). *Дөшүнүн шаңкылдаган үнү жаңырды* (Сасыкбаев).

ШАҢКЫЛДАТ шаңкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАҢКЫЛДОО шаңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ШАҢШУУ шаңшы этишинин кыймыл атоочу.

ШАҢШЫ *этиш.* 1. Ачык, дабыштуу үн салуу (бүркүткө карата). *Шаңшыгын, бүркүт, шаңшыгын! Шарапат, сайран күнүмдө* (Бөкөнбаев). *Аскалардан баар-*

чын шаңшып унчугат, Силкингенде куйруктары кулпунган (Осмонкул).

2. *өт.* Уккулуктуу шаңкылдаган кооз үн менен ырдоо, шаңкылдап сүйлөө. *Безеленген күү менен Көтөрөм шаңшып ырымды* (Бөкөнбаев).

ШАҢШЫТ шаңшы этишинин аркылуу мамилеси.

ШАҢЫРАЙ *этиш.* 1. Мурду бузулуп, ачык болуп калуу. *Мурду шаңырайган, түрү суук немеге көзүң түшүп калса керек! — деп, Турар какшыктай сүйлөдү* («Ала-Тоо»).

2. Аңырайып ачык болуп туруу, ачылып, ачык болуп калуу. *Фрунзе вокзалынын формасында салынган кооз чоң вокзал шаңырайып бузулган* (Бөкөнбаев).

ШАҢЫРАҢДА *этиш.* Аңыраңдоо; эңиреңдөө (мурду шаңырайган кишиге карата). *Мурдун чүлүк жырган букадай шаңыраңдап, [Түркүн] аял-буялга келбей, төркү үйгө чуркады* (Бейшеналиев).

ШАҢЫРАҢДОО шаңыраңда этишинин кыймыл атоочу.

ШАП I *зат.* Эки миздүү канжар. *Найзасы болот, шабы албарс, Намысын колдон бербеген* (Осмонкул).

ШАП II *такт.* Тез, көз ирмегиче, өтө тездик менен. *Каныбек Темир кармап турган кара кашкага шап минди* (Жантөшев).

ШАП III: шап алуу — канымдат оюнунда анын белгилүү эрежесине ылайык билек алуу, билекке чабуу.

ШАПА : шапа-шупа *же* **шапа-шап** — өтө тез, өтө ылдам, өтө бат, көз ачып, жумганча. *Эки жигит аттарына шапа-шупа минди* (Жантөшев). *Баятан ушуну күтүп тургансып арабакечтер да аттарына жүгүрүшүп, арабаларын шап-шап чечип жибериштн* (Таштемиров).

ШАПАЙ *этиш.* Өндөн азуу, арыктоо. *Букеш эң эле шапайып азган* («Ала-Тоо»).

ШАПАЛАК *зат.* 1. *диал.* Алакан.

2. Араба же кош айдаганда, мал айдаганда колдонулуучу узун камчы.

ШАПАР: шапар тебүү — оюн куруу, көңүл ачуу; жыргоо, ыракат көрүү. *Хан эртеден шапар тээп жүрүп, чарчаганда үйүнө кайтты* («Жаш ленинчи»). *Ошондогу тартып алган жер-сууга Шапар тепти колхоз айлы дуулдап* (Элебаев).

ШАПАЮУ шапай этишинин кыймыл атоочу.

ШАПКЕ *зат.* Эркектердин мандайында калканчы бар жеңил баш кийими, фуражка.

ШАПШУУ шапшы этишинин кыймыл атоочу.

ШАПШЫ *этиш.* Сууну же башка суюктукту шарпылдатуу, чапкылоо. *Сууну шапшып өрдөк-каз Киринишет, таранат* (Аалы).

ШАПШЫТ шапшы этишинин аркылуу мамилеси.

ШАПЫЛДА *этиш.* Оозу-оозуна тийбей тез сүйлөө, бат-бат сүйлөө.

ШАР *зат.* 1. Тегеректин өз диаметринин айланасында айланышынан пайда болгон геометриялык тело.

2. Ошондой формадагы нерсе.

◆ **Жер шары** — дүйнө жүзү, Жер планетасы. *Заманым бар күйүп турган от жалын, Көрүп турган, жарык кылган жер шарын* (Үмөталиев).

ШАР II *зат.* 1. Чоң жана тез аккан суунун же толкундун дабышы. *Жарданып типтик болуп, толкун чыгып, Шар этип, бир төгүлөт келип четке* (Маликов). *Суунун шары.*

2. Бир нерсенин (мис., көпчүлүктүн) агымы, күүсү. *Базардын тамашасын көрүп келүү үчүн элдин шары менен кошо дарбып келе жаткандар да жок эмес* (Каимов). *Жалын ойноп чалдын эки көзүнөн Сөздүн шары боло калды бөлүндү* (Аалы).

3. Токтоосуз, тез, ылдам. *Керез өзүн Кычандай кайраттуу, шамдагай сезип, жеңил жана шар басты* (Бейшеналиев). *Тообай өмүр бою партада олтуруп көрбөсө да, газетаны шар окуйт* (Абдумомунов).

4. Ачык, маалкатпаган, болгонун түз айтып, ачык жооп берген, мылжыңдап көпкө созуп отурбаган (кишинин мүнөзүнө карата). *Шар жигит.*

ШАРАК: шарак-шарак *же* **шарак-шурак** *туур.* Катуу нерселер кагылышканда, урунушканда ж. б. учурда шалдырттап чыккан дабыш. *Шарак-шарак дөңгөлөктөр ырдаган* (Бөкөнбаев). *Электр мотору күрүлдөп жүрүп, станоктор шарак-шурак, шак-шук, күү-шаа.. эткен үндөр угулат* (Таштемиров).

ШАРАКТА *этиш.* 1. Шарак-шарак этүү, шалдыроо. *Кара чөөгүн да шарактап кайнап чыкты* (Абдукаримов). *Жаңы союлган малдын эти казанда шарактап кайнап жатат* (Абдукаримов).

2. Катуу каткырып күлүү; көңүлү шат, шайыр жүрүү. *Акия, Марусялар көп таназар албай, шарактап күлүшөт* (Сыдыкбеков). *Жаштар шарактап бийлеп жатышты* (Байтемиров).

ШАРАКТАТ шаракта этишинин аркылуу мамилеси.

ШАРАКТОО шаракта этишинин кыймыл атоочу.

ШАРАП *зат.* Ичкилик. *Жүзүмдөн шарап ачытып, Кургатып алат мейизин* (Үсөнбаев). *Балдыз, жеңе, баарың кел Ичелик шарап сунушуп* (Үсөнбаев).

ШАРАПАТ *зат.* Бирөөнүн жакшылык жагына тийгизген жардамы, аркасы, жакшылыгы. *Жакшынын шарапаты тиет, жамандын кесепети тиет* (макал).

ШАРДАНА: шардана болуу — элге билинүү, элге угулуу, белгилүү болуу. *Табалуу кубаныч шардана болбостон, алдыртан болуп жатты* (Жантөшев). *Тымызын таратылган кабар шардана болгондо, канаттуулардын арасында ызы-чуу башталды* (Каимов).

ШАРЖ *зат.* Бирөөнүн, бир нерсенин көрсөтүүгө ылайык келген мүнөздүү белгилерин карикатуралап, өзгөчө белгилеп көрсөтүп, бирок жалпы көрүнүшүн окшоштуруп тартуунун сатиралык же юмористикалык манерасы, азил.

ШАРИЯТ *зат. дин.* Мусулмандардын адам коомунун бардык жактарын камтыган заң-закондору, таалим-тартиби. *Молдолордун шариятын угуп башыңды айландырыча, газета-журнал окуганың түзүк эмеспи* («Ала-Тоо»).

ШАРҚЫРА *этиш.* Шарылдап катуу агуу, күрүлдөө. *Дарыянын шаркыраганы Касейиндин үнүн угузбай кетет* (Сыдыкбеков). *Мукай кээде көкөлөгөн асканы, кээде шаркырап аккан сууну карап, таасирленип бара жатты* («Советтик Кыргызстан»).

ШАРҚЫРАҚ *зат.* Шаркырап катуу аккан суунун, шаркыратманын дабышы. *Суунун шаркырагы.*

ШАРҚЫРАТ шаркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАРҚЫРАТМА *зат.* Жардан, тектир жерден же башка бийиктиктен шаркырап куюлуп түшкөн суу.

ШАРҚЫРОО шаркыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАРП I *зат.* Ача туяктуу малдардын (уйдун, койдун, чочконун ж. б.) жугуштуу оорусу.

ШАРП II: шарп-шарп *туур.* Суу толкунунун жээкке урунганда чыккан дабышы. *Толкун келип жарга урат, Кайра кетет шарп этип* (Токтомушев). *Көл толкуну жээкти көздөй түрүлүп, шарп-шарп эткен үн угулат* («Ала-Тоо»).

ШАРПЫЛДА *этиш.* Шарп-шарп этүү, шарп-шарп этип толкуу. *Көгөргөн көл шарпылдайт, Өрдөк, каз ойноп каркылдайт* (Шүкүрбеков). *Каютанын темир дубалынын аркасынан суу шарпылдап, кеменин дөңгөлөгү буркулдайт* («Ала-Тоо»).

ШАРПЫЛДАҚ I *зат.* Суунун шарп-шарп эткен дабышы. *Төбө жактагы бадалдуу кырдан анда-санда күңүрт гана шарпылдак угулат* (Абдукаримов).

ШАРПЫЛДАҚ II *зат.* Териден жасалган соот. *Салынганы шарпылдак, Көп калмактын ичинде, Көөдөнү чыгып баркылдап* («Эр Табылды»).

ШАРПЫЛДАТ шарпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАРПЫЛДОО шарпылда этишинин кыймыл атоочу.

ШАРТ I *зат.* 1. Талап. *Жаштар уездик начальниктин алдына өздөрүнүн шарт коюшту* (Абдукаримов).

2. Бир нерсеге таасир кылуучу, жалпы ал-абалга таасирин тийгизүүчү жагдай, кырдаал, мүмкүндүк. *Эки өрөөндүн жеринин шартынын кыйла өзгөчөлүгү бар* (Каимов). *Өсүмдүктөрдүн өсүү шарты.*

ШАРТ II *такт.* Тездик менен, өтө чукул арада, дароо, арыдан-бери. *Шарт жөнөп кетүү. Шарт эле айта салуу.*

ШАРТТАШ *этиш.* Шарт коюшуу, убадалашуу, бир сөзгө келүү.

ШАРТТАШУУ шартташ этишинин кыймыл атоочу.

ШАРТТУУ *сын.* Шарт коюлган, шарты бар. *Кантебиз, башка шарттуу курулуш бул өзөндө жок экен* (Сыдыкбеков).

ШАРТЫЛДА *этиш.* 1. Катуу дабыш сала жүрүү, катуу дабыш чыгара аракет ке келүү. *Оркестрдин шаңдуу үнү, боецтердин шартылдап басканы шаардын көчөлөрүн жаңыртып, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө тартты* («Советтик Кыргызстан»). *Толкундап чексиз жаткан көк деңиздe, Шартылдап пароходдор тынбай чапкан* (Бөкөнбаев).

2. Бир нерсени тез, шамдагайлык менен иштөө; ыкчам, шаңдуу жүрүү. *Шартылдап элдик иште иштеп жүрөт, Кол жайып кең асмандай келечеги* (Нуркамал). *Жаркырадың жайнап канат, кеңидиң, Шартылдадың илгерилеп теминдиң* (Бөкөнбаев).

ШАРТЫЛДАТ шартылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАРТЫЛДОО шартылда этишинин кыймыл атоочу.

ШАРФ *зат.* Моюнга салынуучу эни тайкы келген кездеме же сокмо оромол.

ШАРЫЛДА *этиш.* Шаркырап катуу агуу. *Суу жатпаган жылгалардан шарылдап суулар ташкындап, туш-тушунан өзөнгө куюуда* (Сыдыкбеков). *Толукшуп толуп турган кезегинде Толкундап тоо суундай шарылдайсың* (Бөкөнбаев).

ШАРЫЛДАТ шарылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШАРЫЛДОО шарылда этишинин кыймыл атоочу.

ШАТ *сын.* Шаңдуу, көңүлдүү, куунак, шайыр. *Таабалдынын көңүлү шат, жоодурап кабагы ачык* (Бектенов).

ШАТАЛА *сын.* Булганч, кир, шакмар.

ШАТЕКТЕ *этиш.* 1. Бири-бирине байлаштырып, тизип коюу. *Аттын баарын шатектеп, Кермеге байлап саласың* («Семетей»).

2. Көп, мол кылып кармап алуу, көп жыйып алуу. *Эсенгелди жайында кекилик атып келсе, Кышында эски кырманга тузак тартып, чилди жөн эле шатектеп кармоочу* («Жаш ленинчи»).

ШАТЕКТЕТ шатекте этишинин аркылуу мамилеси.

ШАТЕКТӨӨ шатекте этишинин кыймыл атоочу.

ШАТМАН *сын.* Көңүлдүү, кубанычтуу, шайыр, куунак, шат. *Анна каадасынча шатман жылмайып күйөөсүнүн алдынан утурлай басты* (Байтемиров). *Мурат жөнүндө унутуп калгандай, Тынымдын көңүлү шатман* (Байтемиров).

◆ **Шатыра-шатман** — абдан шат, көңүлдүү, дуулдаган, куунак. *Шатыра-шатман күлкү.*

ШАТТАН *этиш.* Шайырдануу, кубануу; көңүлдүү, куунак болуу. *Шаттанган шайыр жаштар. Кумсарып жаткан боз талаа Күлкүсү чыгып шаттанат* (Осмонкул).

ШАТТАНТ шаттан этишинин аркылуу мамилеси.

ШАТТАНУУ шаттан этишинин кыймыл атоочу.

ШАТТУУ *сын.* Шайыр, көңүлдүү, кубанычтуу, көңүлү куунак. *Жасалгалуу кийинген кыз-келиндер, жигиттер шаттуу ойноп ырдап жатышат* (Бөкөнбаев).

Эми үйдөн көңүлдүү кобурашкан үндөр, шаттуу күлкүлөр угулду (Каимов).

ШАТТЫК *зат.* Көңүлү шат, шайыр болгон абал, көңүлдүүлүк, кубанычтуулук, куунактык. *Токтогулдун бала чактагы ырдаган ырын окуп отурсак, чексиз шаттыкты, турмушка, келечекке кең карагандыкты көрөбүз* (Бөкөнбаев).

ШАТЫ *зат.* 1. Өйдө карай көтөрүлүп чыгуу, түшүү үчүн ылайыкталып жасалган тепкич.

2. Арабанын чанагынын ушундай формада жасалган эки жак капталы.

ШАТЫР: шатыр-шатыр *же* **шатыр-шутур** *туур.* Жыгач отун жакканда, дабыраткан катуу жамгырда ж. б. учурда чыккан дабыш.

ШАТЫРА *этиш.* 1. Шатыр-шатыр этүү. *Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап, Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап* (Осмонов). *Шатырап күйгөн арча отун.*

2. Көңүлдүү, оюн-күлкүлүү, дуулдаган жүрүштө болуу, дуулдап көңүл ачуу. *Балдар шатыраган бойдон тоону көздөй бет алышты* (Таштемиров).

ШАТЫРАК *зат.* Суюк заң, ич өткөк.

ШАТЫРАКТА *этиш.* Ичи өтүү, шатырак чыгуу.

ШАТЫРАКТАТ шатыракта этишинин аркылуу мамилеси.

ШАТЫРАТ шатыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШАТЫРОО шатыра этишинин кыймыл атоочу.

ШАХ I *зат.* Бир катар чыгыш өлкөлөрүндөгү (азыркы кезде Ирандагы) монархтын титулу жана ушундай титулу бар бийлөөчү.

ШАХ II *зат.* Шахмат оюнунда: каршы тараптын королуна кандайдыр бир фигура менен чабуул жасоодо, айтылуучу сөз. *Шах коюу. Шах берүү.*

ШАХИНШАХ *зат.* Иран шахынын титулу жана ушундай титулу бар бийлөөчү.

ШАХМАТ *зат.* 1. Актар жана караларга бөлүнгөн 32 фигура аркылуу 64 клетка боюнча ойнолуучу белгилүү эрежеси бар оюн.

2. Ушундай оюндун толук комплектиден турган фигуралары.

ШАХМАТИСТ *зат.* Шахмат ойноо билген адам.

ШАХТА *зат.* Кен байлыктары, көмүр алынып жаткан жер жана ошол байлыктарды, көмүрдү казып алуу ишин жүргүзүүчү ишкана.

ШАХТЁР *зат.* Шахтада иштөөчү жумушчу. *Шахтёрлорду таңкы сменага чакырган гудок созолонду* (Сасыкбаев). *Азыр шахтёр эмгеги өнүмдүү да, жеңил да болуп бара жатат* (Сасыкбаев).

ШАШ *этиш.* 1. Шашылыш ишке карата ашыга аракет кылуу, ашыгуу, чыдамсыздануу. *Берди издегенин табууга, көздөгөнүнө жетүүгө шашып барат* (Жантөшев).

2. Апкаарып, эмне кыларын билбей шашкалактап калуу; оңтойсуздана түшүү, шаштысы кетүү. *Жашен оюндагы сөздү байкоосуздан ачык айтып жиберип, шашып калды* (Каимов).

ШАШКА *зат.* 1. Актар жана каралар болуп бөлүнгөн 32 тегерек таштар менен 64 (же болбосо 100 жана 144) клетка боюнча ойнолуучу оюн.

2. Ушундай оюндун толук комплектиден турган таштары.

ШАШКАЛАК *сын.* Шашма, обу жок шаша берме, чыдамсыз, сабырсыз. *Чаргын шашкалак башка сөзгө келбей, жөнөп кетти* (Сыдыкбеков).

ШАШКАЛАКТА *этиш.* Карбаластап шаша берүү, чыдамсыздануу, сабырсыздануу. *Жанболот коштошту да, шашкалактап Айнанын үйүн көздөй жөнөдү* (Шимеев). *Ушундай шамал убагында шашкалактап сапырык сапырып жаткан эч ким көрүнбөйт* (Жантөшев). *Кычан шашкалактап сөзгө аралашты* (Бейшеналиев).

ШАШКАЛАКТОО шашкалакта этишинин кыймыл атоочу.

ШАШКАЛАҢ шашкалак менен бирдей.

ШАШКЕ *такт.* Күн көтөрүлүп калган мезгил. *Шашке ченде бадачы айылдын үстүндөгү кырга келип, кыйкыра баштады* (Каимов).

◆ **Чоң шашке** *же* **улуу шашке** — күн бийик көтөрүлүп, жалган түшкө таяп калган мезгил. *Жылдызкан чоң шашкеде жездеси Арзыкулдукуна барды* (Байтемиров). *Улуу шашке ченде кыз-келиндер ар кайсы айылдан чубап чыгышты* (Жантөшев).

ШАШЛЫК *зат.* Шишке сайып, отко кактап бышырылган эт, кебеп.

ШАШМА *сын.* Шаша берме адаты бар, шашкалак, чыдамсыз. *Тигил Чаргындын жолун жолдогон Гүлнар тентек андан шашма* (Сыдыкбеков).

ШАШМАЛЫК *зат.* Шашып кетме, шаша берме адат, өнөкөт.

ШАШТЫ: шаштысы кетүү — эмне кыларын билбей шашып калуу; апкаарып, калтаарып калуу. *Кычан жалама аскага камалып, алактаган тоо кийиктей шаштысы кетти* (Бейшеналиев). *Сайгактан торпоктун шаштысы кетип, удургуп жөнөдү* («Ала-Тоо»).

ШАШТЫР шаш этишинин аркылуу мамилеси.

ШАШУУ шаш этишинин кыймыл атоочу.

ШАШЫЛ шаш этишинин туюк мамилеси.

ШАШЫЛЫШ *сын.* Шашууну, ашыгууну талап кылган, тез бүтүрүүгө ашыгып, шашып иштөөгө туура келген. *Шашылыш кабар. Шашылыш иш.*

ШВЕЙЦАР *зат.* Мейманкана, ресторан, мекеме жана турак үйлөрдүн эшик алдында күзөтчү болуп туруучу кызматчы.

ШЕВИОТ *зат.* Жүндөн токулган, бир аз түктүү келген сырт кийимдик кездеме.

ШЕДЕВР *зат.* Искусствонун, адабияттын эң мыкты нйгилиги болуп саналган,

өзгөчө артыкчылыгы, жеткире иштелгендиги менен айырмаланган эң көрүнүктүү чыгарма.

ШЕЙИТ *зат. дин.* Мусулман дини үчүн болгон казатта киши колдуу болуп өлүм тапкан динчил.

ШЕЙШЕМБИ *зат.* Дүйшөмбүдөн кийинки экинчи күндүн наамы. *Алдыбыздагы шейшембиден калбай үйдө болом* (Баялинов).

ШЕЙШЕП *зат.* Жууркандын ичине көктөлүүчү же жатканда астыга салынуучу жука ак кездеме. *Чоң эне ак шейшептин жакасын кайырып, жуурканды кымтып койду* (Сыдыкбеков). *Шейшебин тээп таштап, борбоюп уктап жаткан балага Амантур суктана карады* (Убукеев).

ШЕК *зат.* 1. Күнөм, ишене албастыкты, шектенгендикти туудурган белги. *Эч нерседен шек санабаган Атай дулдуңдап жөөлөп кирди* (Бейшеналиев). *Үйдө Жылдызкандын жоктугу Арзыкул үчүн шек туудурду* (Байтемиров).

2. Билгизүү, түйдуруу, байкатуу үчүн берген белги, кабар, купуя билдирүү. *Уялбадым, тартынчаактык кылбадым, Шек билгизип атыңды атап ырдадым* (Осмонов). *Андрейдин сөздөрү бир шектин четин кылтыйткансып сезилди* (Байтемиров). *Сыдыктын сөзүнө ачуусу келе түшсө да, Белек шек алдырган жок* (Жантөшев).

ШЕКЕР *зат.* Кант (көбүнчө майдасы), кумшекер. *Каттама, мамиле чай, шекер, каймак, Тамактын ар түркүмү бирден жайнап* (Осмонов).

ШЕКИЛДИ шекилдүү менен бирдей.

ШЕКИЛДҮҮ *жанд.* Окшош, сыяктуу. *Баланын мээрими музыка шекилдүү* («Ала-Тоо»). *Ал да мен шекилдүү Ала-Тоонун койнунда туулуп өскөн* («Ала-Тоо»).

ШЕКСИЗ *мод.* Шек саноого, күнөмдөр болууга негиз жок болгон аныктыкты, тактыкты билдирүү үчүн колдонулат. *Токтогул келечектен шексиз үмүт кылган* (Бөкөнбаев). *Умуту кулунундун эсеп жеткис, Бар эле толгон тилек сенде шексиз* (Аалы).

ШЕКСИН шектен менен бирдей.

ШЕКТЕН *этиш.* Шек алуу, күнөм саноо. *Кычан шектенип, Асылкүлдүн жанына келди* (Бейшеналиев).

ШЕКТЕНТ шектен этишинин аркылуу мамилеси.

ШЕКТЕНҮҮ шектен этишинин кыймыл атоочу.

ШЕКТҮҮ *сын.* Шеги бар, күнөмдүү. *Бригадир үн чыккан жакка шектүү карады* (Таштемиров).

ШЕКШИ шектен менен бирдей.

ШЕЛПЕЙ *этиш.* Кейпи кетүү, кебетеси начар көрүнүү, чыйрак, тың болбоо.

ШЕЛПЕЙТ шелпей этишинин аркылуу мамилеси.

ШЕР *зат.* 1. Арстан. *Карагай, арча ичинде Кара кулак шери бар* (Токтогул).

2. *өт.* Баатыр, эр, эр жүрөк. *Калдайган калың эл үчүн Кайраты мол шер жакшы* (Жантөшев). *Чолпонбай нагыз эр болду, Душмандан корклос шер болду* (Осмонкул).

ШЕРБЕТ *зат.* Жемиштен жасалган суусундук. *Суу ордуна байбиче Шербет болду татканың* (Жантөшев).

ШЕРДЕН *этиш.* Кайраттануу, жүрөктүүлүк, баатырлык кылуу, күчөнүү. *Атактуу кызыл атчандар Өлкөсү үчүн шерденет* (Маликов). *Тилектеш жаштардын кубаттоолоруна шерденген Тенти Албанов да толкундай түштү* (Бейшеналиев). *Энеси артынан келатканга бел байлап, Эркин шердене түштү* (Жантөшев).

ШЕРДЕНТ шерден этишинин аркылуу мамилеси.

ШЕРДЕНҮҮ шерден этишинин кыймыл атоочу.

ШЕРДИК *зат.* Эрдик, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, баатырдык.

ШЕРИК *зат.* Жолдош, бир ишке бирге катышкан киши.

ШЕРИКТЕШ I *зат.* Биргелешип иштөөчү, кошо иштөөчү, бирге болуучу. *Таалайымдын шериктеши садага, Тагдырыма буйрун койгон эрмегим* (Нуркамал).

ШЕРИКТЕШ II *этиш.* Шериктешип иштөө, биргелешип иштөө, кошо өтөө.

ШЕРИКТИК *зат.* Жолдоштук; биргелешип, кошо иштөөчүлүк, бирге болуучулук.

ШЕРМЕНДЕ *зат.* 1. Маскараланган-дык, уялуу, көпчүлүккө тике карай албай, баш көтөрө албай калуу абалы. *Элге шерменде кылба. Шерменде болбоюн.*

2. Уятсыз, абийири жок, бузулган. *Элден чыккан шерменде* («Семетей»).

ШЕРМЕНДЕЧИЛИК *зат.* Уятсыздык, маскаралык, абийирсиздик, бети жоктук.

ШЕРНЕ *зат.* Улам бири кезектешип тамак берүү (көбүнчө кой союу) үчүн уюшулган топ, он чакты кишиден турган өз ара жыйын; ушундай жыйындын тамагы. *Жаш балардын шернеси Жакшы кыздын боюндай* («Семетей»).

ШЕРТ *зат.* 1. Ант, убада. *Эр большевик, эзелден шертине бек, Чек араны келатат түз белгилеп* (Элебаев). *Сөзүң чын, жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов).

2. Шарт, талап. *Оюмдун түбү терең чыксын үчүн, Ант айтып, алдыңызга шерт койгомун* (Токобаев).

ШЕРТТЕШҮҮ шерттеш этишинин кыймыл атоочу.

ШЕФ; шефке алуу — коомдук уюмдар, коллектив тарабынан маданий, саясий, өндүрүштүк ж. б. жагынан жардам көрсөтүү.

ШИБЕГЕ *зат.* Тешүү, тешик чыгаруу үчүн колдонулуучу металлдан учтуу кылып жасалган аспап.

◆ **Илме шибеге** — жиптен тор же башка нерселерди согуу ишине колдонулуучу учу илмектүү шибеге.

ШИБЕР *зат.* 1. Жайкалып, жыш болуп өскөн калың чөп.

2. Учундагы бүрү тарам-тарам болуп кеткен кичинекей ичке сабактуу чөп.

ШИБЕРДҮҮ *сын.* Шибери көп, шибери жайкалган.

ШИЛБИ *зат.* Тоодо өсүүчү бадалдардын бир түрү.

ШИЛЕ *этиш.* Шыпыра, сыдыра жылдыруу, илгери карай түртүү (мис., үйүлүп жаткан данды).

ШИЛЕКЕЙ *зат.* Адамдын, жаныбарлардын оозундагы бездер иштеп чыгаруучу, жеген тамакты нымдаштырып туруучу илээ шме суюктук.

◆ **Шилекей алышуу** — шилекей алыша өбүшүү аркылуу түбөлүк достошкондукту же чыныгы сүйүүнү билгизүү, шерттешүү.

ШИЛЕКЕЙЛЕ *этиш.* Шилекейин жугузуу.

ШИЛЕКЕЙЛӨӨ шилекейле этишинин кыймыл атоочу.

ШИЛЕМЕЙ шилекей менен бирдей.

ШИЛЕН шиле этишинин өздүк мамилеси.

ШИЛЕНДИ *зат.* Суу менен, шамал менен же башка жолдор менен сүрүлүп келген кум, топурак же башка нерсе.

ШИЛЕТ шиле этишинин аркылуу мамиле:и.

ШИЛИ *зат.* Кежиге, желке тарамышы. *Берди шилисин кержейте эзгин илгери сунуп, Темирге тигилди* (Жантөшев). *Ал ыктыткансып, шилисин тартканда, киридеген күңгурт дабыш угулду* (Аалы).

ШИЛИЛЕ *этиш.* 1. Шилиден алуу, шилиден кармоо.

2. *өт.* Бирөөнүн артынан калбай ээрчип алуу, артынан такай түшүү, бура бастырбоо.

ШИЛИЛЕТ шилиле этишинин аркылуу мамилеси.

ШИЛӨӨ шиле этишинин кыймыл атоочу.

ШИЛТЕ *этиш.* Уруу, чабуу, бир нерсени ыргытуу же ары-бери кыймылдатуу үчүн колду, колундагы куралды сермөө. *Тумакчан киши колундагы сумкасын шилтей жөнөдү* (Сасыкбаев). *Карыянын артынан бара жаткан аялдын чалгы шилтеши бош эмес го* («Советтик Кыргызстан»). *Кетменди кере шилтеп кара жерге, Кайраттуу кызыл дыйкан катуу демде* (Бөкөнбаев). *Асманга шилтеп кызылын, Адамдар кырман сапырды* (Акаев).

◆ **Кол шилтөө** — кол силкип, жаратпай, жактырбай коюу. **Калам шилтөө**— жазуу. *Шатысында бактынын Шаңданып калам шилтеген Шайырлар менин тууганым* (Аалы). **Бут** *же* **аяк шилтөө** — басуу, жүрүү, адымдоо. *Сары кашка кабырғасын кабырылтып, көңүлсүз аяк шилтеп келе жатат* (Каимов).

ШИЛТЕТ шилте этишинин аркылуу мамилеси.

ШИЛТЕШ шилте этишинин кош мамилеси.

ШИЛТӨӨ шилте этишинин кыймыл атоочу.

ШИЛЭЭН *зат.* Көпчүлүккө берилген тамак-аш. *Элге шилээн бергенде Марттын чери жазылат* (Токтогул). *Көпкө берген дасторкон Шилээни сонун кыргыздын* (Барпы).

ШИМЕК *зат.* Бешикке бөлөнгөн баланын сийдиги күлтүккө куюлуп туруш үчүн колдонулуучу түтүкчө.

ШИМИ *этиш.* Бир нерсенин суюк маңызын, майын соруу. *Жиликтин чучугун шимип отурган боз балдар,* («Ала-Тоо»).

ШИМИЛ 1. **шими** этишинин туюк мамилеси.

2. Арыктоо, эти качуу, өңүнөн азуу. *Кан-сөлү жок бозоруп, Жаак эти шимилген* (Бейшеналиев).

ШИМИР *этиш.* Ичүү, тынбай тартып жиберүү. *Акмат бергенди кайтарбай шимирип коюп гана, тамактан батыра жеп отура берди* (Убукеев). *Күрүчбек чалапты бир топ шимиргенден кийин эсине келет* (Саманчин).

ШИМИРИЛ шимир этишинин туюк мамилеси.

ШИМИРТ шимир этишинин аркылуу мамилеси.

ШИМИРҮҮ шимир этишинин кыймыл атоочу.

ШИМПАНЗЕ *зат.* Тропикалык Африканын токойлорунда жашоочу кишиге окшош маймыл.

ШИМШИ *этиш.* 1. Тумшугу менен изди же жыт түшкөн башка нерсени жыттагылап издөө, тинтүү, жойлоо (мис., ит, машке).

2. *өт.* Бирөөнү же бир нерсени артынан түшүп издөө, тинтүү (кишиге карата).

ШИМШИЛЕ шимши менен бирдей. *Каныбекти шимшилеп издөө иши аябай күч алды* (Жантөшев).

ШИМШИТ шимши этишинин аркылуу мамилеси.

ШИМШҮҮ шимши этишинин кыймыл атоочу.

ШИНА *зат.* Дөңгөлөктүн сыртынан кийгизилүүчү темир же резинка алкак.

ШИНЕЛЬ *зат.* Аркасы бүгүлүп, бели кыналып тигилген, аскер формасы катары кийилүүчү пальто.

ШИРГЕ *зат.* Энесин ээмп койбос үчүн кулундун мурдунун үстүнө тагылган, эмүүгө тоскоолдук берген калканч.

ШИРЕ I *зат.* 1. Жемиштин же өсүмдүктүн таттуу маңызы, суюк заты. *Кыштактын бак-дарагы дүпүлүп, андан келген жел эзиле бышкан алманын ширесин аңкытат* (Айтматов). *Жүзүмдүн ширеси.*

2. Таттуулук, даам-татымдуулук. *Ширеге түшө калар чиркин таңдай, Адамга таттуулугу балдын кандай* (Шимеев).

3. Ширетилген, ширетип бириктирилген улама. *Алтын менен күмүштүн ширесинен бүткөндөй* («Манас»).

ШИРЕ II *этиш.* 1. Бири-бирине жабышуу, жабышып уланууу, биригүү (эритип же кызытып ширетилген металлга карата).

2. Шыкалып толуп калуу, шыгырап толуу. *Жол бирде кыян жүрүп, кум ширеген кургак сайга түшүп, бирде андан ийрилип чыга келет* («Ала-Тоо»). *Чечиндирип, чалкан менен сабатсын Тикен,*

ширеп, жүрөгүмдү канатсын (*Умөталиев*).

ШИРЕЛ шире этишинин туюк мамилеси.

ШИРЕЛҮҮ *сын.* 1. Ширеси бар, маңыздуу; даамдуу. *Берекелүү, ширелүү Жүгөрүдөн сүт келет Байып кеткен желинге* (Аалы).

2. Кызыктуу, укмуктуу. *Алымкул өзүнүн журтка сүйкүмдүү үнүн созуп, ширелүү сөздөрүн таптак айтып, ырын узартты* («САЖИ»). *Кыргыз адабияты акындан дагы ширелүү жемиштерди күтөт* («Советтик Кыргызстан»).

ШИРЕНДИ *зат.* 1. Шамал сүрүп келип шыкаган, тапталган кар. *Түш-түш жак айтып жеткис алай-дүлөй, Ширенди чырашталат карды күрөй* (Аалы).

2. Кызыткан, эриткен металлды иштетүүдө чыккан чачыранды учкун. *Ысык шамал, эркси эске салчу эле Бетке тийген ширендисин устанын* (Аалы). *Дөшү үстүндө балка, барскан алмак-салмак койгулаганда ширендилер бүркөт* (Убукеев).

ШИРЕҢКАНА *зат.* Соода-сатыкта (көбүнчө базарда) сатуучу менен алуучунун ортосуна түшкөн далдалчыга берилүүчү энчи (акча).

ШИРЕҢКЕ *зат.* Учунда чагып тутандыруучу заты бар, кутуга салынган ичке жыгач таякчалар. *Ширеңке чагуу.*

ШИРЕТ шире этишинин аркылуу мамилеси.

ШИРЕШ шире этишинин кош мамилеси.

ШИРИ *зат.* Саба, көөкөр, көнөчөк сыяктуу идиштерди жасоо же бир нерсени каптоо үчүн керектелүүчү бодо малдын ышталган чылгый териси. *Шириден көнөчөк тигүү. «Кыягым үндүү болсун» деп, Курагатып шири каптадың* (Осмонкул).

◆ **Ширидей кара** — капкара (кишинин өңүнө карата). *Ал учурда* [*Ракыяга*] *Бүрүлчанын эбиреген эрди да, ширидей кара бети да жат көрүндү* (Байтемиров).

ШИРИН *сын.* 1. Таттуу, даамдуу. *Шерт менен үзүп бергемин Шекерден ширин алманы* (Бөкөнбаев). *Койгон тамактарынын жыты буруксуп деле ширин, деле сонун* (Сыдыкбеков).

2. Кызыктуу, укмуктуу, жагымдуу. *Жер жүрөгү Москвадан Күүлөр ширин тартылат* (Бөкөнбаев). *Толгон жыйын эл турса Торгойдой ширин тил менен Сайрачу элең, Токтогул* (Бөкөнбаев).

ШИРИҢКАНА ширеңкана менен бирдей.

ШИРӨӨ шире этишинин кыймыл атоочу.

ШИФЕР *зат.* Үйдүн үстүн (чатырын) жабууга ылайыкталып, сланецтен плитка түрүндө жасалган материал.

ШИШ *зат.* 1. Бир нерсени саюу, көсөө үчүн учу ичкертилген учтуу темир же жыгач.

2. Үй буюмдар отко түшпөс үчүн боз үйлөрдөгү очоктун четине төр жакты тосуп кагып койгон майда казыктар. *Отко жакын шиш күйөт, Энеге жакын кыз күйөт* (макал).

3. Учтуу, учу ичке келген; учталган. *Шиш чоку. Шиш тумшук. Шиш казык.*

◆ **Шиши толуу** — күнөөсү абдан көбөйүү, ашынуу; өтө көөп кетүү. *Мырзабай байдын аябай шиши толгон эле* (Абдукаримов).

ШИШЕ *зат.* 1. Айнек.

2. Бөтөлкө, чыракты фонары же аркандай айнек идиштер.

ШИШЕК *зат.* Эки жаштагы биттелген кой. *Жаман кой шишегинде карыйт* (макал).

ШИШИ *этиш.* Шишикке айланып, чыңалып көөп кетүү. *Рыскулбектин шишиген тултук беттери ого бетер шишип бараткандай* (Аалы).

ШИШИК *зат.* Дененин оорудан, урунуу, согулуу сыяктуу башка кырсыктардан улам шишип, чыңалып көөп кеткен, томпоюп калган жери; шишип кетүү илдети. *Жуманын кара көк болуп шишик баскан бетинен күлкү билинбеди* (Жантөшев). *Ажардын бүткөн бою көк ала, эки көзү шишиктен көрүнбөйт* (Жантөшев).

ШИШИМЕК *сын.* Шишиңки тарткан, шишигенсиген. *Атай шишимек көздөрүн үлүңдөттү* (Бейшеналиев). *Алымкул шишимек тартып, аябай сыздап турган уурдун алаканы менен абайлап басты* (Абдукаримов).

ШИШИМИК шишимек менен бирдей.

ШИШИН шиши этишинин өздүк мамилеси.

ШИШИТ шиши этишинин аркылуу мамилеси.

ШИШКЕБЕК кебеп менен бирдей.

ШИШҮҮ шиши этишинин кыймыл атоочу.

ШКАФ *зат.* Ичине кийим-кече, китеп, идиш-аяк ж. б. салуу үчүн колдонулган, эшиктери бар, тигинен коюлган чоң ящик түрүндөгү мебель. *Жаракшып туш кийизге төркү тарап, Капшытта чоң күзгүлүү кызыл шкаф* (Абдыраманов).

ШЛАГБАУМ *зат.* Темир жолду кесип өтүүдө заставаларда өткөөлдү жаап коюу же ачуу үчүн колдонулган көтөрүп же түшүрүп турма тосмо.

ШЛАК *зат.* Металлды кен түрүнөн бөлүп эриткенде чыккан же күйүп бүткөн таш көмүрдөн калган катуу масса, калдык.

ШЛАНГ *зат.* Суу же башка суюктук, газ өткөрүү, сордуруу үчүн колдонулуучу резинадан ж .б. жасалган түтүк.

ШЛЕМ *зат.* 1. Сайышта, чабышта башты сактоо үчүн кийилүүчү металлдан жасалган согуштук эски баш кийим, туулга.

2. Аскер кызматындагылардын, спортсмендердин, учкучтардын, танкисттердин ж. б. атайын жасалган баш кийими.

ШЛЯПА *зат.* Төбөсү тегерек жана бийигирээк келип, этек жагы кайрылган баш кийим.

ШЛЮЗ *зат.* Кемелерди деңгээли ар башка болгон суу мейкиндиктеринин би-

ринен экинчисине өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген гидротехникалык курулуш.

ШНУР *зат.* Сырты ток өткөрбөс нерселер менен оролгон электр сымы.

ШОВИНИЗМ *зат.* Өз улутун өзгөчө, артыкча санап, башка элдерди жек көрүүгө, кемсинтүүгө үгүттөп, улуттар арасында кастыкты туудуруучу ашынган, жеткен реакциячыл буржуазиялык улутчулдук.

ШОВИНИСТ *зат.* Шовинизмге берилген киши, реакционер.

ШОДОЙ *этиш.* 1. Жалбырагы, бүтагы шыпырылып, жылаңачтанып калуу. *Добул уруп, апийимдер шодоюп калды.*

2. Жалгыз, канат-бутаксыз калуу, бардыгынан ажыроо. *Мына ошончо каптаган бүлөдөн бүгүн шодоюп Беккул экөөбүз гана кайтып барабыз* (Элебаев).

ШОДОЙТ шодой этишинин аркылуу мамилеси.

ШОДОҢДО *этиш.* Өңгүл-дөңгүл желуу, сороң-сороң этүү.

ШОДОҢДОО шодоңдо этишинин кыймыл атоочу.

ШОДОЮУ шодой этишинин кыймыл атоочу.

ШОЙКОМ шойкон менен бирдей.

ШОЙКОН *зат.* Шоктук; чыр-чатактуу иш. *Бир шойконду баштап жүрүшпөс бекен, таяке?* (Абдукаримов).

ШОЙКОНДУУ *сын.* Шойкону бар, жоболоңдуу, чыр-чатактуу. *Мына, шойкондуу бала, шоктугуң түбүңө жетип коё жаздады* (Касымбеков). *Мансурдун шойкондуу митаам көзү арамзалык менен күлүңдөгөндөй болду* (Абдукаримов).

ШОК *зат.* Психикалык күчтүү таасирдин же катуу жарадар болуунун натыйжасында организмдин функцияларынын жалпы бузулушу.

ШОК *сын.* Тентек, шайкелең, оюнкарак, шайтандуу. *Шок Данияр жалындуу көздөрүн ойноктотуп, эжесин коштоп жөнөдү* (Бейшеналиев). *Кайыр күлкүлүү, сөзгө чебер, жолдошторуна шок боло турган* (Аалы).

ШОКОЛАД *зат.* Какао менен канттан конфета же плита түрүндө жасалган кондитер азыгы.

ШОКТОН *этиш.* Тентектик кылуу, шоктук кылуу, оюнкарактануу. *Керме тоонун келин-кызы, Тийип-качып шоктонот* (Аалы).

ШОКТУК *зат.* Шайкелеңдик, тентектик, шок кишиге мүнөздүү сапат. *Данияр-дын таңыркаган көз карашында жаш баланын шоктугун мейличи деп кечирген өңдүү мээрим бардай* (Айтматов).

ШОЛ ошол менен бирдей.

ШОЛОК: шолок-шолок этүү — жашы тыйылбай өпкөлөп ыйлоо. *Шолок-шолок ыйлай бердиң... Чуркап кеткен кезимде* (Бөкөнбаев).

ШОЛОКТО *этиш.* Шолок-шолок этип ыйлоо, көзүнүн жашы токтобоо. *Турсун ички үйгө шолоктоп киргенде энеси кийим тигип олтурган экен* («Жаш ленинчи»). *Эрке кыз шолоктоп ыйлагандай болсо бөйрөктөрү солкулдайт* (Байтемиров).

ШОЛОКТОО шолокто этишинин кыймыл атоочу.

ШОЛОКТОТ шолокто этишинин аркылуу мамилеси.

ШОҢШОГОЙ *сын.* Шоңшойгон, сороюп, бийик тартып көрүнгөн.

ШОҢШОЙ *этиш.* Сороюу, шоңшогой тартуу, шуштуюу. *Биз жакындай бергенде баягы сарайчанын жанынан шоңшоюп, дагы бир-эки боз үй көрүндү* (Элебаев). *Көк дөбөт элден четтеп барып, шоңшоюп отурду* (Баялинов).

ШООДУРА *этиш.* Шамал соккондо шуудурагансыган дабыш чыгаруу (камышка же башка өсүмдүктөргө карата). *Шамал соксо шоодурайт Камышынын табышы* («Жазгыч акындар»).

ШООДУРАТ шоодура этишинин аркылыуу мамилеси.

ШООК *зат.* Көңүл ачар оюн-тамаша, эрмек. *Асан карыя менен Сатылгандын үйлөрү жатактагылардын шоок жайы боло турган* (Аалы). *Бала деген энеге шоок. Анын көңүлүнө шоок болгон жалгыз гана Айымкан* (Каимов).

ШООКУМ *зат.* 1. Үн, дабыш. *Ошол учурда мемиреген түнкү тынчтыкты бузуп, күн күркүрөп, жамгырдын шоокуму угулат* (Ала-Тоо»). *Бардык тизмени акыр-аягына чейин угууга мажбур болгон эл анчалык көп шоокум салбай, акырына чейин күттү* (Абдукаримов).

2. Кабар, дарек, дайын; белги, жышана. *Шоокум берүү. Шоокуму билинүү.*

3. Шоола, жарык. *Түн ичинде чагылгандай жаркылдап, оттун шоокуму чагылышат* («Советтик Кыргызстан»). *Айдан жарык күн бүтүп, Күн шоокуму нур бүтүп* (Тоголок Молдо).

ШООКУМДА *этиш.* Шоокум чыгаруу. *Шоокумдап шашма суу агып, Капчыгай ичи жаңырган* («Ала-Тоо»).

ШООКУМДАН 1. шоокумда этишинин өздүк мамилеси.

2. Элес-булас көрүнүү, күңүрттөнүү, карааны көрүнүү. *Тоо-тоонун чокулары шоокумданып көрүнүү. Алыстан шоокумданып билинүү.*

ШООЛА *зат.* Нур, жарык. *Айдын шооласы Чолпонбайдын бетине таамай түштү* (Жантөшев). *Күн баткан сайын иңир шооласы түшө берди* («Советтик Кыргызстан»). *Жер таңдын жарык шооласына бөлөнгөн* (Бейшеналиев).

ШООНА *зат.* Кап, кийиз ж. б. сыяктуу калың материалдарды тигүү, көктөө үчүн колдонулуучу жүндөн ийрилген жоон жип. *Эрке кыз баштыктын оозун эки-үч кайталап шоона менен кайып таштады* (Байтемиров).

ШООТ *этиш.* 1. Сөздү башка мааниге айландыруу, башка темага буруу. *Акбар сөздү тамашага шоото сүйлөдү* (Убукеев).

2. Шылтоо кылуу; себеп таап тийишүү. *Эки адамдын башы кошулган жер болсо, эмнегедир шоотуп, Атабек Кылымканды чакырып көздөн өткөрөт да отурат* (Жантөшев).

ШООТУУ шоот этишинин кыймыл атоочу.

ШООШАК *зат.* 1. Сазда өсүүчү катуу чөптүн бир түрү. *Орулбай калган камыш, шоошактарды да оруп пайдаланууну уюштуруу керек* (Убукеев).

2. Колдун манжалары.

ШОП: шоп этип — байкоостон, күтүлбөгөн жерден. *Короонун төмөн жаккы четинен шоп этип машина чыкты да токтой калды* (Жантөшев). *Уч азамат жүгөрүнүн арасынан шоп этип чыга келишти* («Жаш ленинчи»).

ШОР I *зат.* 1. Туздуу топурак. *Эшилген аппак шор басып, Орчун-орчун жол басып* («Семетей»). *Кеберленген шорду тепсеп мүрөк суу Кеткен тура жашыл жакут төгөрүп* (Аалы).

2. Туздуу, тузу бар. *Шор суу. Шор топурак.*

3. *өт.* Азап, кайгы, муң. *Бешенеңе бүтүптүр, Арылбаган катуу шор* (Токтогул).

◆ **Шору кайноо** *же* **шору катуу** — азап тартуу; кырсыкка, бакытсыздыкка жолугуу.

ШОР II *туур.* Суюктукту катуу, тез-тез ууртаганда же мурдун тартканда чыккан дабыш.

ШОРГОЛО *этиш.* Чубуруп агуу, чубуруп, токтобой куюлуу. *Карынын жаңы эле сүрткөн жашы кайра шорголоду* (Аалы).

ШОРГОЛОО шорголо этишинин кыймыл атоочу.

ШОРГОЛОТ шорголо этишинин аркылуу мамилеси.

ШОРДО *этиш.* Шору катуу, азап тартуу, кыйналуу. *Оң далысын ойдуруп Онтоп жүрдү Күлчоро, Сол далысын сойдуруп Шордоп жүрдү Күлчоро* («Сейтек»).

ШОРДОТ шордо этишинин аркылуу мамилеси.

ШОРДУУ *сын.* 1. Шору көп, туздуу. *Шордуу жер.*

2. Шору каткан, азаптуу, байкуш. *Шордуу жаш кыз, муңу менен Жутту кайгы жалында* (Аалы). *Шордуулар менен муңдуунун Сооротсоң сенсиң, Октябрь* (Бөкөнбаев).

ШОРПО сорпо менен бирдей.

ШОРУЛДА *этиш.* Шор-шор эткен дабыш чыгаруу, шор-шор этүү, шоркуроо.

ШОРУЛДАТ шорулда этишинин аркылуу мамилеси.

ШОРУЛДОО шорулда этишинин кыймыл атоочу.

ШОССЕ *зат.* Шагыл төшөлүп же асфальт, бетон менен капталып, рельсасыз жүрүүчү транспортко арналып жасалган жол. *Жардын үстүнөн таш төшөлмө шоссе жол өтөт* (Сасыкбаев). *Азыр Кыргызстандын бардык райондору шоссе жолдор менен байланыштырылган, алардын көпчүлүгү асфальт менен төшөлгөн* («Коммунист»).

ШОФЁР *зат.* Автомобиль айдоочу. *Шофер сигнал берип, жөнөөгө чакыра баштады* (Бейшеналиев). *Сабырбек МТСтин мыкты шофёрлорунун бири.*

ШӨКҮЛӨ *зат.* Кыз-келиндердин төбөсү конус формасында учтуу келип, жасалгалуу тигилген баш кийими. *Каз элечек келиндер, кундуз кийген, шөкүлө кийген кыздар жаш талдай болуп буралып жайнап чыга келди* («САЖИ»).

ШӨКҮЛӨЛҮҮ *сын.* Шөкүлөсү бар. *Курорттко бай, кырка тоонун чокусу, Окшоп кетет шөкүлөлүү келинге* (Аалы).

ШӨЛБҮРӨ *этиш.* 1. Кенен, узун келип, жарашыгы жок көрүнүү, шөлпөйүү (кийимге карата).

2. Шөмтүрөп суу болуу.

ШӨЛБҮРӨӨ шөлбүрө этишинин кыймыл атоочу.

ШӨЛБҮРӨТ шөлбүрө этишинин аркылуу мамилеси.

ШӨЛПӨЙ *этиш.* Шөлбүрөө, кенен, узун болуу; жүдөө көрүнүү. *Бул какыйган тың абышка дүкөнгө кирери менен шөлпөйүп, далысын бүкчүйтүп, акырын үшкүрүнүп, күбүрөп калуучу* (Ала-Тоо»). *Көйнөгү шөлпөйүп кенен келип калды.*

ШӨЛПӨЙТ шөлпөй этишинин аркылуу мамилеси.

ШӨЛПӨЙҮҮ шөлпөй этишинин кыймыл атоочу.

ШӨМТҮРӨ *этиш.* Өтө суу болуп, кийим-кечеси шалбыроо. *Базарбектин кийими шөмтүрөп, өтмө катарынан суу өттү* (Каимов).

ШПИОН *зат.* 1. Бир мамлекеттин согуштук же мамлекеттик сыры жөнүндөгү маалыматтарды астыртан жыйнап же ага байланыштуу материалдарды уурдап, экинчи бир мамлекетке жашырын түрдө жиберип туруучу киши.

2. *сүйл.* Биреөнүн артынан андуучу, изине түшүүчү киши, тыңчы.

ШРИФТ *зат.* Басмаканадагы куйма тамга, металл арип. *Майда шрифт. Курсив шрифти.*

ШТАБ *зат.* 1. Аскер күчтөрүн башкарып, команда берип туруучу орган. *Фронттун штабы немецтерден жаңы гана бошотулуп алынган кыштакта экен* (Бөкөнбаев). *Байсалов штабдын начальниги чакыргандыктан, шашып телефонго кетти* (Сасыкбаев).

2. Жетекчи орган. *Барактардын биринде участоктун курулуш штабы орношкон* (Сасыкбаев). *Дружинниктердин штабы.*

ШТАМП *зат.* 1. Мекеменин, уюмдун наамы көрсөтүлүп, кагаздын көбүнчө жогорку жаккы сол бурчуна басыла турган печать, штемпель.

2. Бирдей деталдарды же кандайдыр бир окшош нерселерди сериялуу түрдө жасап чыгарууда колдонулуучу металл форма, инструмент.

3. *өт.* Бир нерсени иштөөдө көнүмүш, адат боюнча колдонулуп келе жаткан үлгү, шаблон. *Көндүм боло баштаган штамптан качып, актёрлордун диапазону кеңейди* («Ала-Тоо»).

ШТАНГА *зат.* 1. Футбол дарбазасынын өйдө жагындагы туура жыгачы. *Топ штангага тийип, кайта башка жакка ыргыды.*

2. Оор атлетикада колдонулуучу, эки учунда кийгизилме дискалары бар металл стерженден турган снаряд. *Штанга көтөрүү.*

ШТАНГИСТ *зат.* Штанга көтөрүүчү спортсмен.

ШТАПЕЛЬ *зат.* Жасалма буланын жибинен токулган тыгыз кездеме. *Штапель кездемелер.*

ШТАТ I *зат.* Айрым буржуазиялык федеративдик мамлекеттердин составына кирип, белгилүү даражада өзүн өзү башкара алган административдик-территориялык единица. *Америка Кошмо Штаттары. Мадрас штаты.*

ШТАТ II *зат.* 1. Бир мекеменин кызматкерлеринин туруктуу составы. *Штатка киргизүү. Штатты кыскартуу.*

2. Мекеменин кызматкерлеринин саны, кызматы жана милдеттери жөнүндөгү жобо. *Штат боюнча белгиленген орун.*

ШТЕМПЕЛЬ *зат.* Бир нерсени күбөлөндүрүү, белги салуу үчүн колдонулган, бетинде белгилери (бир нерсенин сүрөтү же жазуусу) бар аспап, печать. *Почта штемпели.*

ШТЕПСЕЛЬ *зат.* Жылдырылма, көчүрмө электр приборлорун (лампа, плитка, радиоприемник ж. б.) электр тармагына кошо турган шнурдун башкы бөлүгү.

ШТОПОР *зат.* Бөтөлкөнүн тыгынын ачкыч бурама стержень.

ШТОРА *зат.* Боосунан тартканда жогору карай же эки капталын карай жыйрылып ачылуучу же жабылып туруучу терезе пардасы.

ШТОРМ *зат.* Деңиздеги катуу шамал. *Катуу шторм. Штормго туруштук берүү.*

ШТРАФ *зат.* Жаза катарында төлөнүүчү чыгым. *Штраф салуу. Штраф алуу. Штраф төлөө.*

ШТРЕЙКБРЕХЕР *зат.* Капиталисттик өлкөлөрдө: иш таштоо, стачка убагында иштеп, жумушчулардын таламдарына чыккынчылык кылган, иш таштоого, стачкага тоскоолдук көрсөтүп, өксүткөн киши.

ШТУКАТУРКА *зат.* Курулушту шыбоо үчүн акиташ, кум, цемент аралаштырылып жасалган масса жана шыбалгандан кийинки кургаган, каткан катмары.

ШТУРВАЛ *зат.* Кемени, самолётту, комбайнды ж. б. буруу, кыймылын башкаруу үчүн тегеретип туруучу дөңгөлөк сыяктуу руль.

ШТУРМ *зат.* Чындалган, бекемделген позицияга, крепостко (сепилге) коюлган чабуул, чечкиндүү аракет. *Андрей Кышкы Дворец штурмуна катышып, социалисттик революциянын жеңишине кол кабыш кылды* (Сасыкбаев).

ШТУРМАЛА *этиш.* Штурм жасоо, штурмга өтүү, чабуул коюу.

ШТУРМАЛОО штурмала этишинин кыймыл атоочу.

ШУКШУР *этиш.* Канатын жыйып төөн карай сайыла түшүү, качырып кирүү (жырткыч, алгыр куштарга карата). *Ак шумкар канатын шукшуруп, качырып барат кансыйт* (Жантөшев).

ШУКШУРУЛ шукшур этишинин туюк мамилеси.

ШУКШУТ *зат.* Шүмшүк, жүзү кара. *Баарын кылган Сейнеп шукшут экен* (Бейшеналиев).

ШУЛ ушул менен бирдей.

ШУМ *зат.* 1. Айлакер, амалкөй, куу, митаам, алдамчы. *Карышкыр кайсап жарган мал Шум түлкүнүн азыгы* (Тоголок Молдо). *Кудайназар чоңоюп бой тартканда эле куу-шум чыкты* («Эр Табылды»).

2. Жагымсыз, суук, жамандык жагына туура келген. *Капилет келип шум кабар, Капага салды өзүмдү* (Нуркамал).

ШУМДУК *сын.* 1. Куу, митаам, уятсыйыты жок. *Адамдын шумдугу.*

2. Кокустугу, коркунучу, опурталы бар; жоболондуу иш, окуя. *Сооронбай менен байланышпасаңчы, кокус бир шумдуктун ичинен чыгарып жүрбөсүн* (Жантөшев). *Уландырып жүрөктү Шумдук кабар келиптир* (Бөкөнбаев).

3. Таң каларлык, укмуш, өзгөчө, сонун. *Сен менин көзүмө шумдук көрүнүп турасың* (Жантөшев). *Нечен шумдуктарды айтып, бизди таң калтырар чечен адам экен* («Чалкан»).

ШУМДУКТУУ *сын.* Укмуштуу, коркунучтуу; эң башкача. *Ал шумдуктуу нерселер улам жакындап келаткансыйт* (Байтемиров). *Караңгы түндө быкан чыйылдаган үн алардын кулагына шумдуктуу угулду* (Байтемиров). *Көз алдыман шумдуктуу кыз сүрөтү кетпеди* (Жантөшев).

ШУМКАР *зат.* Теги ителгиге жаткан, тээп алма алгыр куш. *Таптаган билет шумкарды, Чапкан билет тулпарды* (Турусбеков). *Аттын баары тулпар болбойт, куштун баары шумкар болбойт* (макал). *Кара куш кардына карайт, шумкар чабытына карайт* (макал).

ШУМПАЙ *зат.* 1. Куу, митаам, шум. *Бул экөө эки кызыкды уурдай качканы келген шумпайлар* («Ала-Тоо»). *Мынабу шумпайдын көбетесин карачы* («Чалкан»).

2. Кыргыйдын кырааны, алгыры. *Кыргыйдын зорун шумпай дейт, Турумтай зорун кумпай дейт* (Тоголок Молдо).

ШУҢКУЙ шуңшуй менен бирдей.

ШУРКУТ шуркуя менен бирдей.

ШУРКУЯ *зат.* 1. Жүрүш-турушу жеңил, көп жүргөн аял.

2. Кылык-жоруктуу, ойноктогон, ойсоктогон. *Акундун кызы Айчүрөк Катындан чыккан шуркуя* («Семетей»).

ШУРУ *зат.* Деңиз алдындагы жарларда топ-тобу менен кыймылсыз абалда жашаган жаныбарлардын акиташка айланган калдыктарынан пайда болгон кызыл, кызгылтым, ак түстүү таштар. *Шуру, бермет аралаш Тагындым мончок чачыма* («Эр Табылды»). *Омуроодогу кызыл шуру сулуунун көркүн чыгарып, Көрүнүшүн миң кубултат* (Жантөшев).

ШУРУП *зат.* Бөркүндөгү оюгу аркылуу бурап киргизиле турган бурама мык.

ШУУ I: жип-шуу — бир нерсе тигүүгө, байлоого ж. б. керектелүүчү ар кандай жиптер. *Акунжан бүгүн башкарманын тапшыруусу боюнча жип-шуу алып келиш үчүн шаарга кеткен* (Байтемиров).

ШУУ II *туур.* Катуу үшкүргөндө, мурдун катуу тартканда же бир нерсенин катуу ылдамдык, өтө тездик менен шуулдап, дуу коюп өтүшү ж. б. аркылуу чыккан дабыш. *Мурдун шуу эттире тартуу. Алда качанкыны эстеттиң, — деп чоң эне шуу үшкүрүп жиберди (Сыдыкбеков). Асфальт жолдо машиналар өйдө-төмөн шуу-шуу этип өтүп жатты* («Ала-Тоо»).

◆ **Жүрөгү шуу дей түшүү**—капилеттен, күтүлбөгөн жерден катуу коркуп кетүү, чочуп кетүү. *Дубалы урап, орду гана калган тамды көргөндө, бүткөн боюм шуу этип, санаам алда кайда кетти* (Сасыкбаев). *Акылайдын жүрөгү шуу этип, селтең эте түштү* («Ала-Тоо»).

ШУУДУР *туур.* Камыш, даректын жалбырактары же башка өсүмдүктөр ыргалганда, жибек, шайы сыяктуу шуудурак материалдар кыймылга келгенде ж. б. учурда чыккан дабыш. *Шуудур-шуудур эткен камыш. Буудай башын шуудур-шуудур ыргалтат. Эне чочулаган адамча аяк асты шуудур этсе да сактана калат* (Сыдыкбеков).

ШУУДУРА *этиш.* Шуудур-шуудур этүү. *Кечки желге жашырын сырын айткансып, теректердин жалбырактары шуудурайт* (Жантөшев). *Тоо ылдый соккон желаргы менен теректер дирилдеп, көптөрдүн башы шуудурап, акырын гана чайпалат* (Элебаев).

ШУУДУРАК *сын.* Шуудураган, шуудурап турма. *Шуудурак материал. Шуудурак камыш.*

ШУУДУРАМА шуудурак менен бирдей.

ШУУДУРАТ шуудура этишинин аркылуу мамилеси.

ШУУДУРОО шуудура этишинин кыймыл атоочу.

ШУУЛДА *этиш.* 1. Шуу-шуу эткен дабыш, үн чыгаруу, шуу-шуу этүү. *Шамалдын ыгына көнбөй бак-даректар ыргалып шуулдайт* («Жаңы ленинчи»). *Асман ачылып, шуулдап соккон шамал басылып, айлана мемиреп турду* (Сасыкбаев). *Таянемдин шамдагай колунда ийик шуулдап чуркап турду* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Өтө тез жылуу, жүрүү; тез-тез өтүү. *Шуулдап жылдар өтүп барат жылып* (Шамшиев).

ШУУЛДАК *зат.* Шуулдаган, шуулдап турган дабыш. *Татынакай түн тынчтыгын, тоо суусунун эч качан басылбаган шуулдагы гана бузат* (Абдумомунов). *Өрттөн чыккан шуулдак.. эбегейсиз чоң тарсылдакка айланды* («Ала -Тоо»).

ШУУЛДАТ шуулда этишинин аркылуу мамилеси.

ШУУЛДОО шуулда этишинин кыймыл атоочу.

ШУУШАҢ жуушаң менен бирдей.

ШУШТУГУЙ *сын.* Шуштуйган, шуштуюп кууш көрүнгөн.

ШУШТУЙТ *этиш.* Учтуу тартып туруу, учу кууш тартуу. *Шуштуйган сакал. Анын да далысы томпогой, төбөсү шуштуюп, бети талпагай эле* (Байтемиров).

ШУШТУЙТ шуштуй этишинин аркылуу мамилеси.

ШУШТУЮУ шуштуй этишинин кыймыл атоочу.

ШҮГҮР шүкүр менен бирдей.

ШҮДҮГҮЙ *сын.* Курушкан, чүрүшкөн, кууш. *Шүдүгүй бетин зилдетип Иса молдо отурат* (Сасыкбаев). *Шүдүгүй киши.*

ШҮДҮҢГҮТ *зат.* Уйдун чарчабаган, алдына эчтеме салбаган күлүгү.

ШҮДҮҢДӨ *этиш.* Тез, ылдам жүрүш менен жүгүрүү, ылдам басуу, желүү (көбүнчө уй тукумуна карата). *Какылдактын ую шүдүңдөй басса аттан калышпайт* (Сыдыкбеков).

ШҮДҮҢДӨТ шүдүңдө этишинин аркылуу мамилеси.

ШҮЙ *этиш.* Жылкынын көкүлүн, куйругун түйүү, түйүп байлоо. *Кырк жигитке кырк кара ат, Көкүлүн өөдө шүйүшкөн* («Курманбек»). *Көкүлүн көк шайы менен буюу эми, Куйругун куу шайы менен шүйдү эми* («Эр Төштүк»).

ШҮЙШҮН I шүүшүн менен бирдей.

ШҮЙШҮН II *этиш.* Суктануу, кызыгуу, көңүлүнө толуу. *Бурма менен Сатылган.. балдарга шүйшүнө карашып, бактынын базарында тургандай болушту* (Аалы).

ШҮК *такт.* Тынч, жөн, жымжырт. *Майданга салбай өнөрүн, Шүк жатыш эрге чоң өлүм* (Элебаев). *Үстөлдүн астында буту шүк турсачы, тим эле ойноп кетет* (Сыдыкбеков).

ШҮКҮР: кудая шүкүр — кудайга ыраазымын деп, колунда болгонго, бар нерсеге же болгон шартына, ал-абалына алымсынгандык, канааттангандык, тобо кылгандык.

ШҮКҮРЧҮЛҮК *зат.* Ыраазы болгондук, алымсынгандык; аман-эсендик.

ШҮМҮРӨЙ *этиш.* Кейпи кетүү, үтүрөйүп жүдөмүш тартуу, кебете-кепшири бузулуу.

ШҮМҮРӨҢ: шүмүрөң-шүмүрөң этүү — шүмүрөйгөн, жүдөгөн абалда, көрүнүштө болуу, ушундай көрүнүштө жүрүү.

ШҮМҮРӨҢДӨ *этиш.* Шүмүрөң-шүмүрөң этүү, кебете-кепшири кеткен, жүдөгөн, шүмүрөйгөн көрүнүштө жүрүү.

ШҮМШҮК *зат.* Байкуш, бечара; жек көрүндү. *Баркың кетип карганда, Шүмшүк болуп калбагын* (Токтогул). *Арабызда жок бекен Шүмшүктөрдүн карааны* (Шамшиев). *Бир мүнөз жатып ичер аты шүмшүк, Бел чечип кылган эмес жалгыз түйшүк* (Тоголок Молдо).

ШҮМШҮҢДӨ *этиш.* Бечара кейип-тенүү, бүжүңдөө, кебетеси жаман көрүнүштө жүрүү. *Шүмшүңдөп, өзүлөрү качып келет, Зыянкеч, иш булдургуч жан бактылар* (Токобаев).

ШҮҮДҮРҮМ *зат.* Күн салкын тартканда атмосферадагы нымдуулуктун жерге, чөптөргө туруп калган майда-майда тамчылары. *Эртең мененки шүүдүрүмдө шымын түрүнгөн жаш балдар жылкыларды желеге ийришти* (Қаимов).

ШҮҮШҮН *зат.* 1. Аз-аздан чыгып турган мала кызыл кан. *Баягы заманда бул дөбө күнүгө баштын каны менен боёлуп, мурундун шүүшүнү менен сугарылып туруучу* (Убукеев).

2. Чала бышкан эттин ушундай суйдаң тарткан мала кызыл каны. *Абдан бышырбай саал шүүшүн каны менен бышырса, кийиктин боору таттуу болот* (Жантөшев).

ШЫБА *этиш.* Сүртүү, сүйкөө, сүртүп жугузуу; шыбактоо, шыбак салып жылмалоо. *Там шыба. Баткак шыба.*

ШЫБАА *зат.* Элдик ишеним боюнча: оорунун айыгышына, оорулуу кишинин оңолушуна карата болгон себеп, ылажы. *Бир шыбаа болуп, Дарыяхан жеңем айыгып кетсе!* (Жантөшев).

ШЫБАГА *зат.* 1. Бирөөгө тиешелүү үлүш. *Эне колуна тийген шыбагасынын даамдуусун буга берген* (Байтемиров). *Шыбагасын алгандар кубана-кубана үйлөрүнө карай чуркашты* (Аалы).

2. *өт.* Жаза, бирөөнүн күнөөсүнө, айыбына карата колдонулган чара. *Қылмышкерге тиешелүү шыбагасын берүү керек* («Чалкан»).

ШЫБАГАЛАШ *зат.* Энчилеш, үлүштөш, шериктеш. *Тийген мөрөй — көп олжонун Шыбагалаш эсимин* (Бөкөнбаев). *Карттан өнөр үйрөнөм деген өспүрүм анын тамагына да шыбагалаш болот* (Бейшеналиев).

ШЫБАГАЛУУ *сын.* Энчилүү, үлүштүү, шыбагасы бар.

ШЫБАҚ I *зат.* Көбүнчө таштак, шагылдуу жерге чыгуучу, малга от болуучу жыттуу, даамы ачуу келген өсүмдүк. *Талаадагы шыбактын түбүндөгү боз торгой да таңга ырдап салам айтты* (Бөкөнбаев).

ШЫБАҚ II *зат.* Курулуштун дубалдарына, потолокторуна шыбап түшүрүлгөн жука катмар, штукатурка.

ШЫБАҚТА *этиш.* Шыбак салуу, шыбоо, сүрүү.

ШЫБАҚТАТ шыбакта этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫБАҚТОО шыбакта этишинин кыймыл атоочу.

ШЫБАҚТУУ *сын.* Шыбак чөбү көп, шыбагы жыш. *Шыбактуу жер.*

ШЫБАҚЧЫ *зат.* Шыбак шыбоочу жумушчу.

ШЫБАТ шыба этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫБОО I *зат.* Бут тердегенде чыгуучу сасык жыт.

ШЫБОО II шыба этишинин кыймыл атоочу.

ШЫБЫР *зат.* Шыбырап акырын айтылган сөз, шыбыш. *Салык менен Мамбеткулдун шыбыры өтө акырын болгондуктан, сыртка угулган жок* (Қаимов). *Күбүр-шыбыр сөз күч ала баштады* (Жантөшев).

ШЫБЫРА *этиш.* Башкаларга угузбай акырын айтуу, астыртан күбүрөп сүйлөө. *Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт* (макал). *Ашыр акырын шыбырап, жылуу алаканы менен келинчегинин бетин сылады* (Сасыкбаев).

ШЫБЫРАШ шыбыра этишинин кош мамилеси.

ШЫБЫРГАК *зат.* Майдалап, бүртүк-бүртүк болуп жыш жаап турган кургак кар жана суукта борошолоп жааган жаан. *Шаардын четиндеги талаага келгенибизде, булут жиреліп, шыбыргак басылды* (Қаралаев). *Асмандан мөндүр шыбыргак Борошосу бургулап Каршы-терши ургулап* («Манас»).

◆ **Ала канчык шыбыргак** — кар аралаштыра майдалап жааган жаан.

ШЫБЫРГАКТА *этиш.* Шыбыргак болуп жаап кирүү. *Күн шыбыргактап жаап келди.*

ШЫБЫРГАКТОО шыбыргакта этишинин кыймыл атоочу.

ШЫБЫРТ *зат.* Чөп-чары жыш, бадалдуу, караган-буталуу жерди аралап басканда акырын чыккан дабыш. *Бадалда уктап жаткан элик шыбырттан ойгонуп, койкоңдоп карай калды да, ары секирди* («Жаш ленинчи»). *Чак түштө өзүм жалгыз постко чыктым, Токойдон алда кандай шыбырт уктум* (Үмөталиев).

ШЫБЫРТТА *этиш.* Шыбырт-шыбырт этүү, шыбырт-шыбырт эткен дабыш чыгуу.

ШЫБЫРТТАТ шыбыртта этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫБЫРТТОО шыбыртта этишинин кыймыл атоочу.

ШЫБЫШ *зат.* 1. Шыбыр-күбүрдөн, шыбыроодон ж. б. чыккан ачык эмес дабыш, үн. *Шаңкылдаган күлкү менен шыбыш көпкө чейин басылган жок* (Қаимов).

2. *өт.* Астыртан болгон кабар, дайын, белги. *Же жаңагы бузук Чырмаш бирөөгө шыбыш бере салдыбы?* (Жантөшев).

ШЫБЫШТА *этиш.* Шыбыш берүү, акырын айтуу. *Асыл эже аябай чыгалап, мага шыбыштайт* (Бейшеналиев).

ШЫГАЙ: кара шыгай, сары шыгай — чым көндүн түрлөрү.

ШЫГЫРА *этиш.* Майда таштар, кумдар же муздар ширелишип, шыкалып толуп калуу. *Өзөн шыгыраган ыргалаңды ала салдырып агызып барат* (Қаимов). *Кум шыгырап толуптур* («Ала-Тоо»).

ШЫГЫРАТ шыгыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫДЫР *такт.* Шыр, токтоосуз, тез. *Кычан шыдыр Атайга барды* (Бейшеналиев). *Победа ылайлуу жолдон шыдыр жүрө албады* (Қаимов). *Азатбек шыдыр жооп кайтарды* (Сасыкбаев).

ШЫДЫРА шыдыр менен бирдей.

ШЫЙБЫЛЧАҚ *зат.* 1. Ача туяктуу жаныбарлардын туягы менен бакайынын ортосундагы бөлүгү.

2. Ошондой жаныбарлардын шыйрагынын бакайдан төмөнкү бөлүгүнүн бир жак ачасы. *Элден башка бөлүнүп, Шыйбылчак, шыйрак куйкалап* (Токтогул).

ШЫЙГАР *этиш.* Бирөөгө ылайыктоо, ыйгаруу, оодаруу, шилтөө. *Чоң байлыкты кимибизге шыйгарат?* (Аалы). *Энелик жүрөк бар болсо, Шыйгарып мага бөлгөндүр* (Жантөшев). *Сатай тамашага шыйгара күлгөн болуп, бирок ниетиндегисин акырын башбактырып койду* (Касымбеков).

ШЫЙГАРУУ шыйгар этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЙК *зат.* Кебете, түр, көрүнүш. *Шыйкы бузук. Шыйкы кетүү.*

ШЫЙКОО *зат.* Шылтоо, себеп. *Шыйкоо кылып бир күнү Белек бердим коноктоп* (Аалы). *Шыйкоо менен мактай берди, Эшик ага ырчыдай* (Аалы).

ШЫЙКООЛО *этиш.* Шыйкоо кылуу, шылтоолоо, туура келтирүү. *Калп эле бир нерсеге шыйкоолоп кирген Аманат Нурбүбүнүн кандайча олтурганын байкады* («Ала-Тоо»). *Кай бир иште законго шыйкоолоонун ыгы келбей калат экен* (Жантөшев).

ШЫЙМЫЛЧАК шыйбылчак менен бирдей.

ШЫЙПАКТА *этиш.* 1. Эркелеп, кишиге асылып, куйругун шыйпаңдатуу, булгалоо (мис., ит). *Иттер шыйпактап муздак тумшугу менен жыттагыласа, Акматтын итиркейи келет* («Советтик Кыргызстан»).

2. *өт.* Эркелөө; жагынуу, кошоматтануу; көшөкөрлөнүү. *Шыйпактайт, «таксыр» дешип бай, бий, казы* (Абдыраманов). *Кошомат айтып шыйпактайт.*

ШЫЙПАКТАТ шыйпакта этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЙПАКТОО шыйпакта этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЙПАЛАКТА шыйпакта менен бирдей.

ШЫЙПАН *этиш.* Чымындан корунуу үчүн куйругун булгоо, булгалоо. *Саябандуу арабаларга чегилген аттар ылаалап, шыйпанын коюп турушат* (Сасыкбаев). *Үйлар күн ысыганда ого бетер тынчы кетип, куйругун шыйпанып, сайгактай баштады* (Элебаев).

ШЫЙПАНТ шыйпан этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЙПАНЧААК *сын.* Куйругун тез-тез шыйпантуучу, булгалоочу.

ШЫЙПАҢ I *зат.* Аттын куйругунан жасалган чымын коругуч. *Чымындан, тажаган киши шыйпаң менен өзүн-өзү капкылайт* (Жантөшев).

ШЫЙПАҢ II *зат. диал.* Эс алып, көлөкөлөп отуруш үчүн жасалган үстү жабык, тегереги ачык келген бастырма сыяктуу жай. *Мына шыйпаң. Бардыгы эс алуу убагында* (Байтемиров).

ШЫЙПАҢДА *этиш.* 1. Куйругун булгалап шыйпактоо. *Жанымда бир ит менден бирдеме үмүт этип, жагынып шыйпаңдап тират* (Элебаев). *Тайган акактап, баладан көзүн албай, шыйпаңдап кумарданып ойноду* («Эмгек азаматтары»).

2. *өт.* Жагынуу, жалпактоо; тийиштик кылып жакындоо, шыйпактоо. *Ошондон кийин тааныбаган аялга шыйпаңдаганды койдум* (Бейшеналиев). *Зарлык менен Данияр шыйпаңдап, байкесинин жанынан чыкпайт* (Бейшеналиев).

ШЫЙПАҢДАТ шыйпаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЙПАҢДОО шыйпаңда этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЙРАК *зат.* 1. Буттун тизеден ылдыйкы бөлүгү. *Чөөгүндүн бөйрөгү баланын шыйрагын койгулайт* (Сыдыкбеков). *Малдын шыйрагы. Шыйрак куйкалоо.*

2. *өт.* Мылтыктын алдына коюлуучу кош буттуу тиреөч, таканчык. *Кош шыйрак чоң мылтыкты ак баранда Орнотту зенит кылып каптал жерге* (Үмөталиев). *Мылтыгынын милтесин түтөтүп, шыйрагын жерге сайып коюп, кончундагы чакчасына кол сунду* (Бөкөнбаев). *Арчадан кундак ойдурган, Алмадан шыйрак жондурган* (Тоголок Молдо).

◆ **Куу шыйрак** — 1) жарыбаган, жакыр; 2) төрөбөгөн, бала көрбөгөн, согончогу канабаган. *Мага согончогу канабаган, куу шыйрак катындарды берди го!* (Жантөшев). **Өлбөгөн төрт шыйрагы калуу** — өтө уят болуу, уяты чыгуу. *Уялганымдан өлбөгөн төрт шыйрагым калды* (Баялинов). **Бөйрөктөн шыйрак чыгаруу** — жок нерселерди ойлоп таба берүү, ойдо жок нерсени чыгарып амалдануу. *Эгер кимдир бирөө келсе, бөйрөктөн шыйрак чыгарып айта албайбы* (Байтемиров). *Кымыз иче берип жүрөктөру күйгөндө, бөйрөктөн шыйрак чыгарып, чоң кызыкты мына ушу жерден башташтыбы* («Чалкан»). **Шыйрагын карматпоо** — бербөө, колуна тийгизбөө, жуутпоо.

ШЫК I *зат.* 1. Ынта, кунт, көңүл. *Шаңга уруусу башка уруулара караганда эгин өндүрүү ишине шык коюшкан* (Бөкөнбаев). *Оюнга абдан шыгымды салып, оюн дегенде жанымды сабап жиберчүмүн* («Ала-Тоо»).

2. Жөндөм, талант, ийкем. *Жамактатып ырдаганга Жийдегүлдүн шыгы бар эле* (Сасыкбаев).

3. Ийгиликтин жолу, ыңгайлуу шарты. *Оюндун шыгы мен жакка ооп баштады* («Чалкан»). *Шык кумарчылар жакта эле* (Каралаев).

ШЫК II: шык-шык *сырд.* Атты токтотууда айтылуучу сөз. *Шык-шык, жаныбарым* («Ала-Тоо»).

ШЫҚА *этиш.* 1. Абдан ныктай салуу, батырымдуу кылып ныктоо, тыгуу; таптоо, ныгыруу. *Эски узун мешоктун айрыгын көктөп, аны деңкейтип жумшак топонго шыкап, өзүмдүн боюма теңеп алган элем* («Советтик Кыргызстан»). *Тоонун карын шамал айдап келип, коктуколотко шыкаган* (Каралаев).

2. Зордоп ичирүү, жедирүү; ашыра ичирүү, тойгузуу. *Аялдар [Гүлайымга]*

ого бетер шыкап ичиришет (Бейшеналиев). *Ырдабаса шыкагыла бозого* (Үмөталиев).

3. Чукул, такай баруу, дал түбүнө жете келүү. *Эл ашууга шыкай барып калышты. Ашууну шыкап барып конолу.*

ШЫКААЛА *этиш.* 1. Жылчыктан, тешиктен же башка кууш жерден көз жиберип кароо, көз салуу. *Сабхат эки кишинин ортосундагы кычыктан шыкаалап олтурат* (Сасыкбаев). *Өргөөнү чет жактагы жырта жаздап, Жигиттер тушташынан шыкаалашат* (Үмөталиев).

2. Атылуучу куралдын (мис., мылтыктын) кароолу аркылуу мээлөө, кароолго түздөп кароо. *Сатар мылтыгын уламулам шыкаалап, көпкө чейин аны менен аябай убараланды* (Таштемиров).

ШЫКААЛАТ шыкаала этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫКААЛОО шыкаала этишинин кыймыл атоочу.

ШЫКАК *зат.* Түртүү, үгүт; кайрат, дем. *Шыкак берүү. Баканын шыкагы Шарипти кайраттантып жиберди* (Бейшеналиев).

ШЫКАКТА *этиш.* Шыкак берүү, түртүү берүү, ээликтирүү, күүлөндүрүү. *Түнкатар менен миң башың Жутаке айыл арасынан киши өлтүрүү үчүн Берди менен абышканы шыкактап коё бериптир* (Жантөшев).

ШЫКАЛ шыка этишинин туюк мамилеси.

ШЫКАТ шыка этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫКОО шыка этишинин кыймыл атоочу.

ШЫКТАН *этиш.* Бир нерсеге шыгы артуу, көңүлдөнүү, эргүү; дем кошулуу, жандануу, дилгир болуу. *Биз, совет кишилери, партиянын чакырыгына шыктандык, камкордукту үйрөндүк* (Сыдыкбеков). *Ар өнөргө шыктанып, Жаштар өскөн кез ушул* (Нуркамал).

ШЫКТАНДЫР шыктан этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫКТАНУУ шыктан этишинин кыймыл атоочу.

ШЫКТУУ *сын.* Шыгы бар, жөндөмдүү, ийкемдүү, ышкылуу, ынталуу, кунттуу. *Бул селодо ырга, комузга шыктуу жаштар көп* («Советтик Кыргызстан»). *Калык кичинесинен эле шыктуу, чыйрак бала болгон* («Ала-Тоо»). *Биздин кишилер өсүүгө шыктуу* (Сыдыкбеков).

ШЫКТУУЛУК *зат.* Шыгы бардык, ынтаалуулук, кунттуулук, жөндөмдүүлүк. *Баласынын мындай шыктуулугуна энеси Бурма өтө кубанат* (Аалы).

ШЫКЫЛЫКТА шыкылда менен бирдей.

ШЫКЫРА *этиш.* Жык толуу, жыш болуу, шыкалуу. *Алигиче эсимде бар эсеби, Ак бешмантта шыкыраган седептин* (Маликов). *Омуроо толо шыкырап, Ордендер тартат көзүңдү* (Маликов). *Илгери уркүндө эл күнгөй-тескейине батпай шыкырап, камалышып өткөн жер ушул*

ШЫКЫРАТ шыкыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЛБЫРА *этиш.* Сууга, нымга тийип жумшоо, жибүү, былбыроо (тери же териден жасалган кийим-кечеге карата). *Куур тон терге жибип шылбырады* (Бөкөнбаев).

ШЫЛБЫРАТ шылбыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЛДЫҢ *зат.* Бирөөнү келекелеп күлгөндүк, ыза кылгандык, шылдыңдагандык. *Алымкул эч кандай кордукка, шылдыңга, адилетсиздикке чыдачу эмес.* (Абдукаримов). *Отургандардын арасынан какшыктуу шылдың сөздөр жаай баштады* (Жантөшев). *Шылдыңдар түбү барып чынга чалды* (Турусбеков).

ШЫЛДЫҢДА *этиш.* Шылдың кылуу, мазактоо, кордоо, келекелөө. *Орусбек тилин чыгарып кыздарды шылдыңдап күлөт* (Сыдыкбеков). *Көрүшүп жалкоолордун сүрөтүн Шылдыңдап көпчүлүгү күлүп жаткан* (Барпы).

ШЫЛДЫҢДАТ шылдыңда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЛДЫҢДОО шылдыңда этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЛДЫР *туур.* 1. Суу же башка суюк нерсе акканда, куюлганда, металлдан жасалган нерселер (чач учтук, ооздук ж. б.) кагылышканда шылдырттап чыккан ачык үн, дабыш. *Боорунан Ала-Тоонун шылдыр булак, Дегдеңдеп Ысык-Көлгө куят туйлап* (Турусбеков). *Бир аздан кийин гана алыстан кагылышкан ооздуктун же чач учтуктун шылдыры угулду* (Аалы).

2. Суюк, шылдыраган. *Эт салса шылдыр сорподон башка артпайт* (Элебаев). *Жармасы да шылдыр суу* («Ала-Тоо»).

ШЫЛДЫРА *этиш.* Шылдыр -шылдыр этүү, шылдыр эткен үн чыгаруу. *Батышынан да, чыгышынан да шылдырап көк кашка суу агып турат* (Сыдыкбеков). *Жылжып аккан күмүш булак сүйкүмдүү шылдырайт* (Каимов).

ШЫЛДЫРАТ шылдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЛДЫРОО шылдыр этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЛКЫЙ *этиш.* 1. Башын кыйшайтуу, башын төмөн салуу.

2. Маанайы басаңдоо, көңүлү чөгүү, жүдөңкү тартуу. *Куюшканды салдырба, Шылкыйып сырың алдырба* (Шүкүрбеков). *Каныбек кылмыштуу адамдай шылкыйып турду* (Жантөшев).

3. Дарманы кетүү, алсыроо, кубаты бошоо. *Курсагы ачып жолдо шылкыйып отурган бечараларга бирдеме бере кетүү көпкөндөрдүн оюна да келбеди* («Ала-Тоо»).

ШЫЛКЫЮУ шылкый этишинин кыймыл атоочу

ШЫЛКЫЛДА *этиш.* Түз тура албоо, ары-бери кыйшалактоо, кылжыктоо. *Тоюп келген кезинде Жатып калды шылкылдап* («Кедейкан»). *Жол менен кетип барат-*

эл акындары»). *Түн жарымы болуп калган.. аттын үстүндө башы шылкылдап бараткандар мындан көп* (Элебаев).

ШЫЛКЫЛДАК *сын.* Бош, шылкылдап токтобогон, шылкылдай берген. *Сабы шылкылдак, мокок чот керкини тыштан издеп таап, бир колтук отун кертип алып, кайра кирдим* (Элебаев).

ШЫЛКЫЛДАТ шылкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫЛТА *этиш.* Жок нерсени себеп кылуу, башка нерсеге оодаруу, шылтоо кылуу. *Мөкүш ооруга шылтап, экскурсиядан да калып, коңшулаш сельсоветтеги таякесине бармак эле* (Таштемиров). *Өзү кылган шумдугун Бирөөгө шылтап жүрөбү* (Жантөшев).

ШЫЛТОО I *зат.* Жок себеп, бетке кармаган, эптеп себеп катары көрсөткөн, шылтоолой турган илинчектүү нерсе, түрткү. *Айсалкын ишене тургандай шылтоо табат* (Каимов). *Алымкул Нурматтын үйүн шылтоо кылып, Гүлайымдын үйү тараптан өтмөкчү болду* (Абдукаримов). *Анын айлында болбогондугу ушактын көбөйүшүнө ого бетер шылтоо боло берди* (Аалы).

ШЫЛТОО II шылта этишинин кыймыл атоочу.

ШЫЛТООЛО *этиш.* Шылтоо кылуу, кандайдыр бир илинчектүү нерсени эптеп себеп катары көрсөтүү, бетке кармоо. *Надя бирдемеге шылтоолоп чыгып кетти* (Бейшеналиев). *Бийлер, старчындар жолго шылтоолоп элди жей башташкан* (Бөкөнбаев). *Анын баарын жашчылыкка шылтоолоп, Айтып бердим ичимдеги сырымды* (Аалы).

ШЫЛУУН *сын.* 1. Жулундаган куу, митаам, айлакер, алдым-жуттум. *Арык аттар семиз болуп торолсун, Атка минер шылуун бизден жоголсун* (Осмонкул). *Кредейлер менен эптешип сүйлөшө ала турган шылуундарды кымызына сугарып, майына шыкап коюп ортого салды* (Сыдыкбеков).

2. *өт.* Шамдагай, эпчил, тың. *Коноқчу биздин Күрүчбек кебетеленген шылуун жигит көрүнөт* (Саманчин).

ШЫЛЫ *этиш.* 1. Ажыратып кесүү, сыйрып алуу, ажырата бөлүү. *Сөөктөн этти шылып алуу. Ортон колумдун этин анын курч орогунун мизи шылып түшкөн экен* («Советтик Кыргызстан»).

2. Кыя чабуу, кыя кесүү. *Култайдын оң жаагын кылыч жанып өтүп, оң кулагын бүт шылып түшкөн* (Абдукаримов). *Тиги апай чалгычылардын чөптү шылып жаткандын капкайда кабардагандай болот* (Таштемиров).

3. *өт.* Тоноп алуу, эчтемесин калтырбай тоноп кетүү, алып коюу. *Болгон ооматымды күндөн-күнгө шылыгандын үстүндө* («Ала-Тоо»).

ШЫЛЫН шылы этишинин өздүк мамилеси.

ШЫМ *зат.* Эркектин багалектүү, белден тушарга чейин кийилүүчү сырт кийими. *Шахтёрлордун кийгени резина этик*

◆ **Шым болуу** — уялуу, маскарасы чыгуу, шылдың болуу.

ШЫМАЛАН *этиш.* 1. Жеңин, багалегин түрүнүү, түрүнүп шамдагайлануу.

2. *өт.* Кандайдыр бир ишке кайраттанып, белсенип киришүү, белди бууп бет алуу. *Шымаланып биздин жаштар чыкыла, Калем менен улуу тарых жазабыз* (Шамшиев). *Шымаланып майданга чыга бер, досум! — деди Бака* (Бейшеналиев). *Гүлайымдын эмгек дегенге жан-дили менен шымалана кирип кеткендигин да мына ушуну менен гана түшүндүрүүгө болот* (Абдукаримов).

ШЫМАЛАНТ шымалан этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫМАЛАНУУ шымалан этишинин кыймыл атоочу.

ШЫМДАКТАН шымдан менен бирдей.

ШЫМДАКЧАН *сын.* Шымданып алган абалда, шымданып алган бойдон. *Колуна дүрмөттөлүү мылтыгын кармап, Кереч шымдакчан басып келди* (Жантөшев). *Чылбырын сүйрөп ат жүрөт, Шымдакчан басып эр жүрөт* («Манас»).

ШЫМДАН *этиш.* Көйнөгүн же башка ич кийимин шымдын ичине киргизип курчануу. *Үйдө кие турган тери малакайын баса кийип, бешмантчасын сары жаргакка шымданып курун сыртынан кыса курчанып алыптыр* (Убукеев). *Нурбай шымаланган, бардык кийимин шымданган* (Аалы).

ШЫНАА *зат.* Бир нерсени жаруу, бөлүү, ажыратуу же бек бекитүү үчүн урула турган, уңгу жагы калың, жазы келип, уч жагы жукараак, миздүү болгон жыгач же темир тилкеси. *Шынаа кагуу. Чалгынын шынаасы. Шынаа уруп бекитүү.*

ШЫНААЛА *этиш.* Шынаа уруу, шынаа кагуу.

ШЫНААЛОО шынаала этишинин кыймыл атоочу.

ШЫНААРЛА *этиш.* Жандоо, ээрчүү, жакындоо. *Соня жасанып, Сергейди шынаарлап калыптыр* (Сасыкбаев). *Нурийла болсо апасынын жанында шынаарлап турган болучу* (Таштемиров). *Арык шынаарлап шыйпаңдаган Сейитти эркелетип, ичинен кымылдай башын жерге салды* («Ала-Тоо»).

ШЫНОО: шылтоого шыноо — шылтоого себеп, түрткү болгудай жагдай, анын себепчиси. *Балким, Сапар калса, атасына шылтоого шыноо болбос бекен?* (Бейшеналиев).

ШЫҢГЫР *туур.* Коңгуроонун ичке үнү сыяктанып ачык, жапыз чыккан дабыш. *Шыңгыр-шыңгыр көтөрүлдү бокалдар* (Аалы). *Бир кезекте жеңем турду, Чач мончогу шыңгыр деп* (Үмөталиев).

ШЫҢГЫРА *этиш.* Шыңгыр-шыңгыр эткен дабыш чыгаруу. *Бир жагынан телефон шыңгырап, бир жагынан кол машина чыкылдап, иш кызууда* (Сасыкбаев). *Бокалдар шыңгырады, айтылган тостко ар ким тилектеш болуп, ичип жиберишти* («Ала-Тоо»).

ШЫҢГЫРАТ

ШЫҢГЫРОО шыңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ШЫҢГЫРТ шыңгыр менен бирдей.

ШЫҢГЫТ *этиш. сүй.* Шимирип ичип жиберүү, токтобой шимирүү. *Сапек аяктагы кымызды шыңгытып жиберди* (Аалы). *— Абыш, муну шыңгытып жибер!* (Таштемиров).

ШЫҢК *туур.* Кыска, ичке үн менен күлгөндө чыккан дабыш. *Наташа көздөрүн жайната шыңк этип күлүп койду* (Жантөшев). *Күлкүсү жок шыңк эткен Кыздар жүрөт жабыгып* (Жантөшев).

ШЫҢКЫЙ *этиш.* Ичке, сыйда болуу; узунунан келип, сындуу, сымбаттуу көрүнүү. *Шыңкыйган терек, багжайган талдын жалбыректары саргарган* (Жантөшев). *Шыңкыйган жигит.*

ШЫҢКЫЛДА *этиш.* Шынк-шынк этип күлүү. *Шыңкылдап кыздар отурат, Жибектен соккон килемде* (Бөкөнбаев). *Шыңкылдаган калың күлкү, Калың күлкү жайылды* (Бөкөнбаев).

ШЫҢКЫЛДОО шыңкылда этишинин кыймыл атоочу.

ШЫҢКЫЛЫКТА шыңкылда менен бирдей.

ШЫП I *зат.* диал. Үйдүн ички төбөсү, потологу. *Сапар бир кыйлага эки колу менен төбөсүн чеңгелдеп шыпты телмирип карайт* («Ала-Тоо»).

ШЫП II *такт.* Тездик менен, дароо, тез арада. *Колун шып этип тартып алды. Эшиктин алдында турган Алексеев шып сыртка чыкты* (Жантөшев). *Мен чыга сала кызды Чымырга өңөртүп, шып ээрге кондум* (Сыдыкбеков).

ШЫПКА *этиш.* Түгөнгүчө, түбүндө калтырбай бүт куюп алуу же ичип коюу; эч нерсе калтырбоо. *Ызакул көмүрдөй мурутунун ак ала болгонуна карабай, айранды шыпкап ичти* (Бейшеналиев).

ШЫПКАЛ шыпка этишинин туюк мамилеси.

ШЫПКАТ шыпка этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫПШЫН *этиш.* Өкүнгөндө, капа болгондо, тан калганда эриндерин бири-бирине жабыштыра чолп эткен дабыш чыгаруу. *Чоң эне эрдин чолп эттирип шыпшынып койду* (Сыдыкбеков). *Күбүрөп, шыпшынып, Сарагүл эне үйгө кайра кирди* («Ала-Тоо»).

ШЫПШЫНТ шыпшын этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫПШЫНУУ шыпшын этишинин кыймыл атоочу.

ШЫПЫЛДА *этиш.* Шып-шып этип өтө тез кыймылдоо, тез-тез жүрүү, иштөө. *Жылдызкан колу колуна тийбей шыпылдап, этеги заматта толот* (Байтемиров). *Жума шыпылдай басып жөнөдү* (Жантөшев). *Уруя ыпылдап-шыпылдап жаны тынбайт* (Байтемиров).

ШЫПЫЛДАК *сын.* Шыпылдап тез-тез кыймылдаган, шамдагай; эпилдек. *Сыран колдон түшкөн шыпылдак жигит* (Бейшеналиев).

ШЫПЫЛДАТ шыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫПЫР I *зат.* Калп, калпычы, жалган сөздү көп сүйлөөчү. *Шыпырдын айткан сөзү баары жалган, Шыпылдап жалган сөздөн таалим алган* (Тоголок Молдо).

ШЫПЫР II *этиш.* 1. Шыпыргы менен сүрүү, бир нерсенин үстүн сыдыра сүрүү, сүрүп тазалап кетүү. *Көсөл эшиктин алдына суу сээп, бир сыйра шыпырып чыкты* (Каимов). *Жаңыдан көрүп кубанып, Шыпырдым чеке теримди* (Токтомушев). *Тиги килемдин үстүндөгү сууну шыпырып ташта* (Жантөшев).

2. Сыдыра, сыйыра алуу. *Зоругуп өлгөн буудандын Шыпырып алды жүгөнүн* (Жантөшев). *Кол терисин шыпырып, Жолой алып калганы* («Манас»).

3. Эч нерсе калтырбоо, бүт бойдон алып кетүү, баарын алып коюу. *Болгон оокатыбызды бүт шыпырды да кетти* («Ала-Тоо»).

ШЫПЫРГЫ *зат.* 1. Шыбактын, алтыгананын ж. б. баш жагы жазыраак, жалпагыраак формага келтирилип, шыпырууга ылайыкталып байланган тобу. *Канжыгасына он чакты шыбак шыпыргы байланган киши базардын төрүн көздөй бара жатты* (Сасыкбаев).

2. Ушундай нерсе жасала турган, баш жагы майда тарам-тарам болуп чачырап өскөн, тоголок кызыл дандары бар өсүмдүк. *Шыпыргы айдадык.*

ШЫПЫРТ шыпыр этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫПЫРУУ шыпыр этишинин кыймыл атоочу.

ШЫПЫРЫЛ шыпыр этишинин туюк мамилеси.

ШЫПЫРЫН *этиш.* Калп сүйлөө, шыпыртып, жалган айтуу. *Шыпырынып сүйлөсө, Касиет жок сөзүндө* (Шүкүрбеков).

ШЫПЫРЫНДЫ *зат.* Шыпырылып ташталган акыр-чикир, таштанды. *Эшиктин алды үйүлүп жаткан шыпырынды* («Чалкан»).

ШЫПЫРЫНУУ шыпырын этишинин кыймыл атоочу.

ШЫР *такт.* Тез, токтолбой, шыдыр. *Аким шыр жооп бере албай буйдалып калды* (Сасыкбаев). *Бурул шыр эле четте олтурган Жантыктын келинине басып келди* («Ала-Тоо»).

ШЫР: шыр-шыр *туур.* Суу же башка суюк зат куюлганда, акканда, мурдун тарткканда же металлды кызытканда, эриткенде, ширетканде ж. б. учурда шырылдап чыккан дабыш. *Мурдун шыр тартты. Булактын суусу шыр-шыр этип, эңкейишти көздөй жылжып агат* («Ала-Тоо»). *Кызыл учкун [чарыктан] шыр-шыр этип чачырады* (Сасыкбаев).

ШЫРААЛЖЫН шыралжын менен бирдей.

ШЫРАЛГА *зат.* Мергенчинин олжосунан берилген же сурап алынган үлүш. *Алыбек аркардын этин койчуга шыралга кылды да, асканы аралап, илбирстей кылт*

этти («Советтик Кыргызстан»). *Мергендин адаты ууга чыгыш, менин адатым шыралга алыш* (Байтемиров).

ШЫРАЛЖЫН *зат.* Ичке жалбырактуу, топ-топ болуп түз чыккан куурай өсүмдүк.

ШЫРГАЛАҢ *зат.* Жукалап муз тоңгон, тоңо баштаган, майда, жука муздары бар суу, же башка суюктук. *Шыргалаң аралашкан ак көбүгүн чачып, Көкөмеренди суусу күрпүлдөп жаткансыйт* (Жантөшев). *Шыргалаң кымыз.*

ШЫРГАЛАҢДА *этиш.* Муз аралашып тоңо баштоо. [*Жылкычылар*] *кыштын күнүндө шыргалаңдаган муздак кымыз ичише турган* (Жантөшев).

ШЫРГЫЙ *зат.* Бутактары жок, ичке өскөн узун жаш карагай. *Эки шыргый орнотулуп тартылган кермеде байланып аттар турат* (Жантөшев). *Үйлөрдүн айланасы узун шыргыйлар менен бекитилген* (Жантөшев).

ШЫРДА *этиш.* Кабаттап шырып тигүү. *Шырдаган кара кементай.*

ШЫРДАК *зат.* 1. Оюу салынып түрдөлгөн, жерге салынар бети ичтелген, оюулардын жээктери жана жалпы эле кырка чекелери жээктелип (жээк басылып), кээде туташ шырылып тигилген жерге салынуучу кийиз. *Бурма шырдак жасап, Топчубай комуз чертип отурат* (Бөкөнбаев). *Төр жакта салынган оймолуу шырдак үй ичин көрктөндүрүп турат* (Бейшеналиев).

2. *диал.* Тердик (желдиктин алдынан салына турган токулга).

ШЫРДАЛ шырда этишинин туюк мамилеси.

ШЫРДАМАЛ *зат. диал.* Шырдак.

ШЫРДАТ шырда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫРКЫРА *этиш.* Шыр-шыр эткен дабыш чыгаруу, шырылдоо. *Устакананын бир бурчунда темирдин учкундары шыркырап, дөшүдөн тынымсыз шаңкылдаган үн чыгат* («Эмгек азаматтары»). *Майлуу түтүн буркурайт!.. Аймап жалын шыркырайт* (Аалы). *Шыркырап аккан суу.*

ШЫРКЫРАТ шыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫРКЫРОО шыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ШЫРП *туур.* Жалбырактуу, чөпчарлуу жер менен жүргөндө, аралаганда чыккан дабыш. *Жойпу шырп эткен дабыш укса да үрөт* (Каимов). *Колуна чака кармаган Айдай шырп эткен дабыш чыгарбай булакка келди* (Каимов).

◆ **Шырп алдырбоо** — эч дабыш чыгарбоо, дабышын билгизбөө, туйдурбоо.

ШЫРТ *туур.* Шырп эткенге жакын келген дабыш. *Кайрадан келе жатты кокту менен Шырт эткен дабыш чыкса кулак салып* (Үмөталиев).

ШЫРУУ шыры этишинин кыймыл атоочу.

ШЫРЫ *этиш.* Кабатталган нерсени жип же шоона менен эки жагына өткөрүп кайра-кайра тигүү, беттештирип көктөө. *Турдукан сызмадан шырып басмайыл, куюшкан жасады* (Бейшеналиев). *Шырдак шырыды.*

ШЫРЫК I *зат.* Шырылып тигилген тигиш.

ШЫРЫК II шыргый менен бирдей.

ШЫРЫЛ шыры этишинин туюк мамилеси.

ШЫРЫЛДА *этиш.* Шыр-шыр этүү, шыркыроо. *Бороон учурган кар кумдай шырылдап, чаңдай сапырылып, жылгажыбыттарга тыгылып ширелип жатат* («Советтик Кыргызстан»).

ШЫРЫЛДАТ шырылда этишинин аркылуу мамилеси.

ШЫРЫЛДОО шырылда этишинин кыймыл атоочу.

ШЫРЫМА шырымал менен бирдей.

ШЫРЫМАЛ *зат.* 1. Беттештирип шырылган буюм.

2. Шырылып, кабылып тигилген, этеги кыска сырт кийим, фуфайка. *Шырымалымды колтуктап райкомго келдим* («Чалкан»).

ШЫТЫР: шытыр-шытыр *туур.* Шырт-шырт эткенсип жапыз чыккан дабыш. *Кандайдыр бурчтанбы же тактанын алдынанбы шытыр-шытыр табыш чыгып чыккан жүрөт.*

ШЫТЫРА *этиш.* Шытыр-шытыр эткен дабыш чыгаруу, шытыр-шытыр этүү. *Чоно туюктан чыга бергенде жанындагы топ шилби шытырай түштү* (Каимов). *Аңгыча бет маңдайдагы чычырканак шытырап калды* (Каимов).

Щ

ЩЁТКА *зат.* Бир жак бетине кылдар, майда сымдар ж. б. жыш тизилип жасалган, бир нерсени тазалаш, сүрүп жуушу үчүн колдонула турган буюм. *Тиш щётка. Кийим щетка.*

ЩИ *зат.* Тууралган капустадан жасалган суюк тамак.

ЩУКА чортон менен бирдей.

Ы

ЫБА: ыба кароо — адамга көңүл бөлүп, назар салып, ырайымдуу мамиле кылуу, кайрымдуу болуу. *Жапек ыба караган туугандардан дагы бир чейрекке жакын эгин жыйнады* (Жантөшев).

ЫГУУ: ык этишинин кыймыл атоочу.

ЫГЫМ: ыгым-чыгым *зат.* Ар кандай чыгымдар, бир нерсеге жумшалган, чыгымдалган каражаттар.

ЫГЫР ныгыр менен бирдей.

ЫДЫР *зат.* Катар, бир нерсенин катарлашкан тартиби, ирети, байланышы, тизмеги. *Беш-алты ооз сөзүнүн ыдыры кетип, бир азга мукактанды* (Жантөшев). *Чүкөнүн ыдырын буза атып, абалагын ордонун ичине түшүрдү.*

ЫДЫРА *зат.* 1. Тигишинен, жигинен ажырап кетүү, сөгүлүү. *Алиманын маасысынын тигишитери ыдырап кеткен* (Абдукаримов). *Кабыргасы ыдырап сөгүлдү.*

2. Бириндеп, ажырап, бөлүнүп-бөлүнүп кетүү, тароо. *Булуттар туш-туш тарапка ыдырап тарады. Эл ыдырап тарай баштады.*

ЫДЫРАТ ыдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫДЫРОО ыдыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫЗ: ыз-быз *туур.* Аарынын ж. б. чымын-чиркейлердин ызылдаган үндөрү.

ЫЗА *зат.* Уялып, ызаланып, арданып калуу абалы. *Салык ызасына чыдабай бүк түшүп калды* (Каимов). *Суусар эми чындап эле ыза болуп, булкулдай баштады* (Байтемиров).

ЫЗААТ ызат менен бирдей.

ЫЗАКӨР *сын.* Бат ызаланма, сөз көтөрө албаган, бат эле кызаңдап кетме. *Ызакөр бала. Ызакөр киши.*

ЫЗАЛА *этиш.* Ыза кылуу. *Сиңдисин ызалап тамашалай баштады* (Аалы).

ЫЗАЛАН ызала этишинин өздүк мамилеси.

ЫЗАЛОО ызала этишинин кыймыл атоочу.

ЫЗАЛУУ *сын.* Ызаланган, ызасы келген, ачуулуу. *Үчүнчүсү жетпей калып ызалуу, Чүкчүң этип мойноп кетти таарынып* (Аалы). *Эт ачынып, ызалуубуз* (Сыдыкбеков).

ЫЗАЛЫК *зат.* Ыза болгондук, ачууланган чыгым, ызасы келгендик. *Чормондун ызалыгы басылганча чындыкты айтпай көё туралы* (Каимов). *Ызалыкка чыдабай ырастанып калыптыр* («Манас»).

ЫЗАТ *зат.* Кичи пейилдик, ызаттаган мамиле, сый. *Ызатың жок, сыйың жок, Ыркыраган иттейсиң* (Токтогул). *Ызат кылууну урмат көргөн жигит болгон* (Бөкөнбаев). *Ызат кылып салам берет* (Сыдыкбеков).

ЫЗАТТА *этиш.* Ызат көрсөтүп сыйлоо, кичи пейилдик кылуу. *Жакшы көргөн келинин Мусабек.. Ленин жөнүндөгү жакшы сөздү угуп жатканда бөтөнчө ызаттады* (Сасыкбаев). *— Жүр, жүр! — деп колдон алды эки жашты, Чыгарып мурда ызаттап Шарапатты* (Абдыраманов).

ЫЗАТТОО ызатта этишинин кыймыл атоочу.

ЫЗГААР *зат.* 1. Катуу суук, чыкыроон аяз. *Кыштын ызгаары эмнегедир кайта-кайта кылчактап эле кетпеди*(«Ала-Тоо»). *Чилде ызгаарын тоотпой, Чыңдайлы булчуң денени* (Осмонкул).

2. *өт.* Ачуулуу, каардуу, кыжырлуу. *Байкасам, начальниктин маңдайында ызгаар да, шоола да сезилбейт* (Каимов). *Кабыланыңдын ызгаары Бетине чыга калганы* («Манас»).

ЫЗГААРДУУ *сын.* Ызгаары катуу, суук, аяздуу. *Декабрь айынын ызгаардуу күндөрүнүн бири* (Сасыкбаев). *Тоо жактан ызгаардуу шамал жүрүп, бетти чалкандай чагат* (Байтемиров).

ЫЗГУУ ызгы этишинин кыймыл атоочу.

ЫЗГЫ *этиш.* 1. Уюлгуу, көтөрүлүү, буркуроо. *Көк түтүн каптап, чаң ызгый түштү* (Сасыкбаев). *Козголсо ызгыйт буркурап, Тоскоктой ысык топурак* (Аалы).

2. Чымын-куюн болуп айлануу, жүгүрүү. *Ысык-Көлдү кыркалап, Ызгып жөнөп калыптыр* («Манас»).

ЫЗГЫТ I *зат.* Анча чоң эмес саз канаттуусу.

ЫЗГЫТ II *зат.* Булгаарынын, кайыштын тигишине кабаттап, кошо тигүү үчүн салынган ичке тилкелүү булгаары же кайыш.

ЫЗГЫТ III ызгы этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЗЫ: ызы-чуу *зат.* Кандайдыр бир себептен улам чуулдаган, ызылдаган, тополоңго түшкөн тынчсыздык, кыйкырык-сүрөөн. *Ызы-чуу салып кыйкырышкан жылкычылардын үндөрү угулат* (Жантөшев). *Уй байлаган, ат айдаган, Кой маараган ызы-чуу* (Нуркамал).

ЫЗЫЛДА *этиш.* 1. Ыз-ыз этүү, ыз-ыз эткен дабыш чыгаруу. *Аарылар ызылдайт. Чиркейлер ызылдап, уйку бербейт.*

2. Ызы-чуу салуу.

ЫЗЫЛДАТ ызылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЗЫЛДОО ызылда этишинин кыймыл атоочу.

ЫЗЫРЫН *этиш.* Бирөөгө аябай ачууланууу, каарын төгүү, каарданууу. *Косолапов муштумун силкилдете ызырынып койду* (Жантөшев).

ЫЗЫРЫНТ ызырын этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЗЫРЫНУУ ызырын этишинин кыймыл атоочу.

ЫЙ *зат.* Капалуу, кайгылуу, ишке, кырсыкка ж. б. карата ыйлап муңканган-дык. *Бышактаган ый, уу-чуу басыла түштү* (Баялинов). *Кайгы—пайдасыз, ый — жардамсыз* (макал).

ЫЙБАА *зат.* Сыйлаган, ызат кылган кишисинен уялып тартынгандык, үяттуу

ишке бара албай кысынгандык, өзүн адептүү кармагандык. *Эшик алдында турган солдат ыйбаа кылгандай чыпыя калды* (Жантөшев). *Ыйбаа кылган го бечара* (Сыдыкбеков).

ЫЙБААЛУУ *сын.* Ызаттуу, адептүү, кичи пейил. *Ал канчалык баатыр болсо да, ушул өңдүү кыздын жанында ыйбаалуу сылык жүрдү* (Сыдыкбеков).

ЫЙГАР *этиш.* 1. Бирөөгө бир нерсени берүүнү ой кылуу, бирөөгө арноо. *Боз атты Салыкка ыйгарып калышынын себеби ошол экен* (Каимов).

2. Чектөө, белгилөө. *Председателдикке ыйгаруу.*

ЫЙГАРУУ ыйгар этишинин кыймыл атоочу.

ЫЙГАРЫЛ ыйгар этишинин туюк мамилеси.

ЫЙҚА *этиш.* Бир нерсени сүргүлөө, өйкөө. *Токтор үңкүйүп араасын татырата ыйкап кирди* (Қасымбеков).

ЫЙҚЫ: ыйқы-тыйқы *зат.* Бир пикирде болбой араздашкандык, келишпестик, өйдө-төмөн кетишип, өз ара татуу болушпагандык, жаман-жакшы айтышып, сен-мен деп калышкандык. *Сапарлар чоң ыйқы-тыйқы менен мугалимдер институтуна келишкен* (Бейшеналиев).

ЫЙЛА *этиш.* Қапалуу, кайгылуу ишке, кырсыкка ж. б. карата көзүнө жаш алып муңкануу, ый баштоо. *Кайгырып ыйлап турсам да, Кайрылып чыкпайт кабарың* (Токтогул). *Кучактап алып Сырганы Шолоктоп ыйлап сүйүндү* (Бөкөнбаев).

◆ **Ыйлай-сыктай** — эптеп-септеп, бар мүмкүнчүлүгүн толук жумшап, тырмалап, аракеттенип жатып. *Бир кой дедиңер, ыйлай-сыктай аны араң таап беришти* (Жантөшев).

ЫЙЛААҚ I *зат.* Бир жерин күйгүзүп алганда, өйкөлгөндө ж. б. учурларда пайда болуучу ичине сүу толгон каканак сыяктуу жара.

ЫЙЛААҚ II *сын.* Көп ыйлаган, ыйы басылбаган, көз жашы тыйылбаган. *Кичинемде дарылдап ыйлаак да болупмун* (Сыдыкбеков). *Керез күчүн ыйлаак чекир көзүнөн чыгарып бырылдады* (Бейшеналиев).

ЫЙЛААҚТАН *этиш.* Ыйлаак болуу, каканактап калуу.

ЫЙЛАМСЫРА *этиш.* Ыйлагансып, ыйлай тургансып көрүнүү, ыйлап жиберүүгө даяр болуу. *Абышка ордунан тура албай жатып ыйламсырады* (Жантөшев). *Ыйламсырап кемпир-чал Сонодон жоопсурады* («Мендирман»).

ЫЙЛАМСЫРАТ ыйламсыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЙЛАМСЫРОО ыйламсыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫЙЛАТ ыйла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЙЛОО ыйла этишинин кыймыл атоочу.

ЫЙЛУУ *сын.* Ыйы көп, кайгы-капалуу. *Ыйлуу үйгө батынып кирбей кетет дийванаң* (Жантөшев).

ЫЙМАМ *зат. дин.* Намазга жыгуу, мечитте намаз окутуу, кудайга сыйынуу ж. б. сыяктуу диндик кызматтарды алып баруучу динчил. *Мекедеги чоң ыймам — Ак эшенди алдырдым* («Манас»).

ЫЙМАН *зат.* 1. Уят, ынсап, абийир. *Қыздарга ыйман берсе, жакшылыктын жышаанысылт этип калгысы бардыр* («Ала-Тоо»). *Ыйманыңа камчы баспай айт* (Маликов). *Ышкы жокто, ыйман жок, Намыс жокто ары жок* («Эр Төштүк»).

2. Диндик, дин ишенимдик символу. *Ыймаңы жолдош болсун! Элебестин көзү өтсө, артында эли бар* (Сыдыкбеков). *Өкүнөбү же ыймаңын айтабы? Тирүүлүктөн ачак эле түңүлүп* (Аалы).

ЫЙМАНДАШ *зат.* Жаңы бирге, көңүлдөш. *Атабыз бирге ыймандаш Туугандеп тентип келебиз* («Манас»). *А дүйнөгө ыймандаш, Бу дүйнөгө жыйгандаш* («Манас»).

ЫЙМАНДУУ *сын.* Уяттуу, ынсаптуу, ыйманы бар. *Бул жер Кетмен-Төбө эмес, ыйык сапар кудайдын үйүнө баратканыймандуулардын жолу* (Аалы).

ЫЙЫҚ *сын.* 1. Қасиеттүү, баалуу, кымбат. *Сөзүң чын, жолуң туура, молсуң, кеңсиң, Шертиң ак, ошондуктан ыйык элсиң* (Осмонов). *Социалисттик улуттардын үй-бүлөсүндө.. ыйык достукту баалабаган бир дагы эл жок* («Коммунист»).

2. Қол тийгис, касиети бар. *Адамдын колу барбаган, Ыйыктыгы бар экен* («Семетей»). *Қол тийбес ыйык сакталат, Ата мекен журтубуз* (Тоголок Молдо).

◆ **Жылаңач ыйык** — адамды колдоочу, жөлөөчү. **Ыйык көтөрүү** — малды бир нерсеге арнап коё берүү; эч кимге тийгизбөө. *Садырдын ыйык көтөргөн тору кунаны эле* (Жантөшев). *Аба Қошой, кебимди ук, Қой ичинде козголбос, Ыйык койгон серке бар* («Манас»).

ЫЙЫҚТА *этиш.* Ыйык коюу, ыйык көтөрүү. *Куттуу Кулам совет берген төл башым, Ыйыктаймын малдарымдын булагы* (Аалы)

ЫЙЫН *этиш.* Заңдоо же төрөө, тууш үчүн толгоо убагында күч менен ычкынуу.

◆ **Ыйынып-ычкынып** — бардык күчүн салып, тырыша аракеттенип, күчтөнүп.

ЫЙЫНТ ыйын этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЙЫНУУ ыйын этишинин кыймыл атоочу.

ЫҚ I *зат.* 1. Ыңгайлуу, оңтойлуу, учур, жагдай. *Ыгы келсе. Ыгы келе калганда.*

2. Ыкма, бир нерсенин жөнү, ыктуу шарты, жагдайы. *Таппадым деп ыгыңды, Талым кыз сөзгө жыгылды* (Тоголок Молдо). *Агитаторлордун мектептеринде аңгеме өткөрүүнүн жаңы ыктары, методдору, саясий иштердин ар түрдүү формалары үйрөтүлөт* («Советтик Қыргызстан»).

ЫҚ II *этиш.* 1. Қорголоп, бири-бирине жанаша туруп калуу, шамалдан, жаандан

далдаланып ыктоо. *Жаандан ыккан кой, улак Каныбекти тебелеп сай сөөгүн сыздатып жатат* (Жантөшев).

2. Бир жагына жапырылуу, жапырылып калуу. *Жел жортсо кадимки толкундай ыгып шибери жапырылат* (Сыдыкбеков). *Ыраалышып аштык, чөп, Ыгып турду баш ыргап* (Элебаев).

ЫКЛАС *зат.* Дит, ынтаа. *Алардын сөзүн ыклас менен тыңшап отурган Кадыркул өкүнгөндөй башын чайкады* (Каимов). *Ашыр келинчегинин эстүү сөздөрүн зор ыклас менен укту* (Сасыкбаев).

ЫКЛАСТАН *этиш.* Ыкласын, дитин коюу.

ЫКМА *зат.* Бир нерсенин жөнү, жолу, шарты, ыгы. *Мындан ары да ушундай ыкма менен иште* («Чалкан»). *Сапар Шарип менен сурашса келгенде тамтаңдап адашып, сүйлөө ыкмасынын начардыгын көрсөттү* (Бейшеналиев).

ЫКМАЛУУ *сын.* Ыгы бар; ыгын билген, ыкмачыл.

ЫКМАЧЫЛ *сын.* Ыгын билген, ыкмалуу, эптүү, ыгы бар.

ЫКСЫЗ *сын.* Ыгы жок, дайынсыз, туура эместик. *Ыксызынан кай бирөөн Ызалантып алышты* («Манас»). *Турмушка менин капа болушум ыксыз* (Шимеев).

ЫКСЫРА *этиш.* Кымыз, жуурат ичкенде же майлуу тамактан тоё жегенде ж. б. учурда магдырап уйкусу келүү; ысыкта талыкшуу, магдыроо. *Кымызга канган бир баатырдай ыксырап баратат* (Сыдыкбеков).

ЫКСЫРАТ ыксыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКСЫРОО ыксыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫКТА ык II менен бирдей.

ЫКТООО *зат.* Шамалдан, жаандан ыгып далдалана турган жер, далда. *Мусабектер жар таштын ыктоосуна олтурушту* (Сасыкбаев). *Тообай жылкыны Кара-Ойдуң деген ыктоо жерге имерип коюп келген* (Абдумомунов).

ЫКТУУ *сын.* 1. Ыңгайлуу, жайлуу; ылайыктуу. *А өзүң ыктуу учур боло калса, түндөгү мен айткандай иште* (Жантөшев). *Машкенин бөдөнөдөн коркконун дагы бир ирет далилдегиси келген Ашым өзү да ыктуу учурду күтүп, бөдөнөнү тумшукка чертип коёт* (Сыдыкбеков).

2. Иштин, иштөөнүн ыгын билген, эптүү, шамдагай, эпчил. *Найзакерден ыктуу эр* («Манас»). *Жез оймоктун ыктуусу, Ургаачынын мыктысы* («Эр Табылды»).

ЫКТЫМАЛ *мод.* Мүмкүн экендикти же арсарлыкты билгизүү, болжолдоо, болжоп көрсөтүү үчүн колдонулат. *Сиз барыңыз, башкабыз барсак, осол кылып коюшу ыктымал* (Жантөшев). *Эр жүрүшкө барбай калса, кур чабуулга калп айткан турбайбы*[1] *деп, сөз болушу ыктымал. Абаз ушул жагын ойлоп намыстанды* (Таштемиров).

ЫКТЫРМА ыктоо менен бирдей. *Кыштын күнү ыктырма Жылуу жерге түнөткөн, Жаздын күнү тай-кулун Даакыларын түлөткөн* (Осмонкул).

ЫКТЫТ *этиш.* 1. Үшүгөндө, чыйрыкканда көкүрөк, көөдөн тараптагы булчуңдар тартылып, кыйк этип кеткен кыска дабыш чыгаруу. *Яша көзүн алак эттире ыктытып койду* (Жантөшев).

2. *өт.* Дегдөө, самоо, *Арак дегенде ыктытып турат* («Чалкан»).

ЫКТЫЯР *зат.* Эрк, каалоо. *Өз ыктыярым менен Кызыл Аскерге санитарка болуп кирдим* (Жантөшев). *Айыл чарба артели өз ыктыяры менен бөлүнбөс фондуну.. белгилөөлөрү зарыл* («Коммунист»).

ЫКТЫЯРДУУ *сын.* Өз ыктыяры менен, өз каалоосу менен иштеген, бир нерсени иштөөгө, аткарууга макул болгон. *Ыктыярдуу отряд.*

ЫКЧАМ I *сын.* Тез, шамдагай, ылдам, кыймылы бат. *Ыкчам кыймыл. Ыкчам жигит. Аяк шилтеши да ыкчам болуп кетти.*

ЫКЧАМ II *сын.* Анча суубаган, ысык бойдон. *Суттү ыкчам бойдон уютупсуң да* («Ала-Тоо»).

ЫКЧАМДА *этиш.* Ылдам, ыкчам-ыкчам иштөө, тез-тез кыймылдоо. *Ыкчамдап бастыруу. Ыкчамдап иштөө. Сай жээктеп кашаттын түбү менен ыкчамдай келе жатышты* (Жантөшев).

ЫКЧАМДАТ ыкчамда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКЧАМДОО ыкчамда этишинин кыймыл атоочу.

ЫКЧЫЛ *сын.* Ыктуу, эптүү, эпчил. *Каныбек ыкчыл көрүнөт* (Жантөшев). *Сыналат эрдин эри мындай күндө Атка чак, согушка ыкчыл, болуп каарман* (Токобаев).

ЫКША *этиш.* Ары-бери кыймылдатып, чайкап копшоо, копшолтуп ыкшоо. *Мүшөктөрдү жигиттер ыкшай-ыкшай көтөрүп, кампага кетип жатышчу* (Сыдыкбеков). *Бургусун күндө бекитип, Ыргайдан ыкшап мык кактың* (Токтогул).

ЫКШАЛ ыкша этишинин туюк мамилеси.

ЫКШОО I *сын.* Кашаң, жалкоо, мойну жар бербеген. *Мышык кызматкер эле Бир мекемеде, Анын сырын билебиз го, Барып турган ыкшоо неме* («Чалкан»).

ЫКШОО II ыкша этишинин кыймыл атоочу.

ЫКШУУ ыкшы этишинин кыймыл атоочу.

ЫКШЫ *этиш.* Боору катканча тынбай күлүү же тынбай катуу жөтөлүү. *Бекен андан бетер ыкшып күлдү* (Каимов). *Сансыз андан аркы сөздөрүн айталбай улам ыкшып жөтөлө берди* (Жантөшев).

ЫКШЫЙ *этиш.* Шылкыюу, чарчоо, көзүн үлүрөйтүп олтуруп калуу. *Инженер ыкшыйып олтурган калыбында кырс жоол берди* (Сасыкбаев). — *Атам сени келсин дейт. Сүйлөшөм дейт.. Көкө аңтаң калып,* [*Расулду*] *ыкшыя тиктеди* (Касымбеков).

ЫКШЫЙТ ыкшый этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКШЫРАЙ *этиш.* Көзүн жүлжүйтүп бирөөнү же бир жакты тиктөө, кароо. *Эрдин чүйрүйткөн Мурза бир көзүн ыкшырайтып, адыр жакты карады* (Сасыкбаев). [*Камка*] *карылыктан куну кеткен көздөрүн ыкшырайтып.. калчылдаган колун чекесине алды* (Сыдыкбеков).

ЫКШЫРАЙТ ыкшырай этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКШЫРАЮУ ыкшырай этишинин кыймыл атоочу.

ЫКШЫТ ыкшы этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКШЫЮУ ыкшый этишинин кыймыл атоочу.

ЫКЫЛАС ыклас менен бирдей.

ЫКЫЛДА *этиш.* Бирөө басып ныктаганда, булкулдатканда ык-ык этүү; ыктыткансыган дабыш чыгаруу. *Ашым тизеси менен ныгыра баштаганда ыкылдай баштады .*

ЫКЫЛДАТ ыкылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫКЫЛДОО ыкылда этишинин кыймыл атоочу.

ЫКЫМ *зат.* Эпчилдик, шамдагайлык, ыктуулук. *Качаган койду ал ыкымы менен кармайт.*

ЫКЫС: ыкыс берүү — октос берүү, жүктөнүү. *Койлор.. башын төмөн каратып, ыкыс коюп турушат* (Баялинов). *Чакадагы сууну колуна кармаган боюнча үйгө ыкыс берген Кычандын астын тороп, Кымка эне чебеленди* (Бейшеналиев).

ЫЛ *зат.* Көздү каптаган ак чел.

ЫЛАА *зат.* Жай айларында жылкыны ылаалатып, тынчын алуучу чымын. *Сайгак ылааны жолдош кылып, жылкыга барып тынчын алышты* («Жомоктор»).

ЫЛААЖЫ *зат.* Айла, амал. *Ылаажысын тапсын да, атам Чөл баатырдан ыраазылык алсын дейт* (Убукеев).

ЫЛААЖЫСЫЗ *такт.* Айласыз, аргасыз, амалсыз, аргасыздан. *Атам айта, бергенден кийин ылаажысыз бармакчы болдум* («Советтик Кыргызстан»). *Ошондуктан бүткүл эл күтүүгө ылаажысыз болду* («Советтик Кыргызстан»).

ЫЛААЛА *этиш.* 1. Ысык күндөрдө чымын-чиркейден коруноп башын өйдөтөмөн силкилдетүү (жылкыга карата). *Ылаалаган жылкы, сайгактаган уй жок* (Жантөшев). *Аттар чымын-чиркейден ылаалап, мурундарын бышкыртып, токтой калып башы-көзүн тизесине кашыйт* (Каимов).

2. *өт.* Өтө жай, эриккенсип басуу. *Ылаалап, силкип чолпусун* (Аалы).

ЫЛААЛАТ ылаала этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛААЛОО ылаала этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛААЧЫН *зат.* Майда канаттууларды, жандыктарды алып жечү, бийик жана тез учуучу кыраан куш. *Ылаачын, шумкар, турумтай, Кыргый, куйкө, жагалмай, Учканы соккон шамалдай. Шумкардын жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо). *Эр колунан ылаачын тойбойт, эне колунан кыз тойбойт* (макал). *Ак булутту ылаачындай айланып, Ат ордуна аэроплан миништи* (Маликов).

ЫЛАЙ *зат.* 1. Топуроктун сууга эзилип, чалмаланып, баткакка айланган-дагысы. *Кар жиреп, ылай кечтик, суудан өттүк, Чети жок мелтиреген көлгө жеттик* (Үмөталиев).

2. Чалчык, киргил, чалмаланган (ылайланган сууга карата). *Жылдызкан арыкка келди да, жылжып жаткан ылай сууну карап, азга турду* (Байтемиров).

3. Кыш куюу, колек жасоо, дубал согуу же шыбакка пайдалануу үчүн атайын жасалган баткак. *Ылайдын иши бел менен, Дыйкандын иши жер менен* (Барпы). [*Аскар*] *ылайды күрөктөп сузуп, калыпка ашыгат* (Сыдыкбеков).

◆ **Ылайдай семиз** — аябай семиз, былкылдаган, каймак майдай семиз. *Ылайдай семиз ноопаз.* **Ылай жүрөк** — коркок, жүрөгү жок.

ЫЛАЙЛА *этиш.* Сууну киргил тарттырып булгоо. *Сууну шапшып ылайлабагыла. Башкалар даттанып жатат, Байкагыла* (Борбугулов). *Мага окшогон кежир улам кечип ылайлайт* (Сыдыкбеков).

ЫЛАЙЛАН ылайла этишинин өздүк мамилеси.

ЫЛАЙЛАТ ылайла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛАЙЛОО ылайла этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛАЙЛУУ *сын.* Ылайы бар, ылайланган, ылайы көп. «*Победа*» *ылайлуу жолдон шыдыр жүрө албады* (Каимов). *Дарыя али ылайлуу, тартыла элек, Күн чыга кечип өттүк өйүз жакка* (Абдыраманов).

ЫЛАЙЫК *сын.* Жарактуу, туура келген, ылайыкталган, жарай турган. *Тыпыйган керебетине ылайык кичинекей шайы жууркандары катар жыйылган* («Жаш ленинчи»). *Ылайык көрүү. Акылга ылайык. Ылайык табуу.*

ЫЛАЙЫКСЫЗ *сын.* Керексиз, ылайыгы жок, жарабаган, туура келбеген. *Сиздей кишиге ый ылайыксыз! Айрыкча ушул жерде ыйлоонун жөнү жок* (Жантөшев). *Бул сөзүң ылайыксыз болсо керек, Жалындуу жаш жүрөгүм калган кармап* (Турусбеков).

ЫЛАЙЫКТА *этиш.* Ылайык келтирүү, туура ылайык келет деп эсептөө. *Фермага ылайыктап конуш чалып, Кондурган маңдай-тескей айылдарын* (Үмөталиев). *Бул замандын кейпине ылайыктап жасап алдык Акылды, Ойду, Адамды* (Элебаев).

ЫЛАЙЫКТАЛ ылайыкта этишинин түюк мамилеси.

ЫЛАЙЫКТАТ ылайыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛАЙЫКТОО ылайыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛАЙЫКТУУ *сын.* Туура, ылайыгы бар, жараган, ылайык келген. *Сулуулугуна жараша келинчегиндин аты ылайыктуу коюлуптур* (Сасыкбаев). *Ылайыктуу кеп. Ишке ылайыктуу адам.*

ЫЛАЙЫМ *такт.* Дайыма, ар дайым, ар качан. — *Кайратыңан айланайын! Ылайым тилегиңе жет!* (Жантөшев). *Кабылан тууган кулунум, Аман жүргүн ылайым!* («Манас»). *Ылайым такыр эчтеме билбей калгың бардыр* («Чалкан»).

ЫЛАҚАП *зат.* Кандайдыр бир окуяны, адамдын турмушунда болуп өткөн фактыны же анын мүнөзүндөгү, кылык-жоругундагы өзгөчөлүктү элестүү, учкул айтылган сөздөр аркылуу берүүчү кыска сүйлөмдөр.

ЫЛАҢ *зат.* 1. Малдын жугуштуу оорусу. *Кырсыктан сактануунун биринчи чарасы—койду ылаңдан сактоо* (Жантөшев). *Малда ылаң бар* (Қаимов).

2. *өт.* Қырсык, бакытсыздык, оор күн, оору-сыркоо. *Бийиң кылаң болсо, журтуң ылаң болот* (макал).

ЫЛАҢДА *этиш.* Ооруп калуу, оору, ылаң тийүү. *Ылаңдаган мал.*

ЫЛАҢДАТ ылаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛАҢДОО ылаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛАҢДУУ *сын.* Ылаңдап калган, ылаңы бар, ылаң тийген.

ЫЛГА *этиш.* Тандоо, тандап алуу. *Тартипке салып өкмөт Аныктап ылгап жатпайбы Адамдын адал, карасын* (Токтогул). *Сланецти ылгап алып, обочо ыргытып ташташат* («Чалкан»).

ЫЛГАН ылга этишинин өздүк мамилеси.

ЫЛГАТ ылга этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛГАШ ылга этишинин кош мамилеси.

ЫЛГОО ылга этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛГООСУЗ *сын.* Талдоосуз, колго урунганын тандабай, ылгабай ала берме.

ЫЛГЫЙ *сын.* Өңчөй, бүт, бир өңчөй. *[Шахтада] машинисттер, бекиткичтер ылгый жаштардан* (Сасыкбаев).

ЫЛДАМ *такт.* Буйдалбай, тездик менен, бат, бачым, ыкчам. *«Жолуң ачык мынакей баскын ылдам, Мезгил эмес, бир минут күтө турган»* (Осмонов). *Ылдам иштөө. Ылдам бүтүрүү.*

ЫЛДАМДА *этиш.* Қыймыл-аракетин ылдам кылуу, ылдам иштөө, ыкчамдоо. *Элдияр, баатыр ылдамдап, Аяр кылбай чамдагын* («Эр Табылды»).

ЫЛДАМДАТ ылдамда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛДАМДОО ылдамда этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛДАМДЫҚ *зат.* Жүрүүчү, кыймыл-аракетте болуучу кандайдыр бир нерсенин тездик даражасы, жүрүштүн, кыймыл-аракеттин тездиги. *Айыл чарбасынын өсүшүнүн темпин көз жетпегендей ылдамдык менен өсүүгө жеткирди* («Советтик Қыргызстан»). *«ФД» паровозу айрыкча ылдамдык менен алып бара жатты* («Советтик Қыргызстан»). *Машинанын ылдамдыгы.*

ЫЛДЫЙ *такт.* 1. Төмөн, бийиктиктин, жогорунун карама-каршы (төмөнкү) жагы. *Тоодон ылдый карай куланып отуруп, этекке чейин жете келди. Тепкич менен ылдый түшүп келе жатты . Ылдый жакты кара.*

2. Даражасы, баасы, сапаты ж. б. жактары начар, төмөнкү деңгээлде, кем. *Баасы ылдый. Даражасы ылдый болуу.*

◆ **Өйдө-ылдый** — 1) бирдей эмес, ар кандай, ар кыл. *Базардын наркы өйдө-ылдый;* 2) аркы-берки, ар түрлүү. *Өйдө-ылдый кептер.*

ЫЛДЫЙҚЫ *такт.* Төмөнкү, ылдый жактагы, жогоркунун карама-каршысы. *Ылдыйқы айыл.*

ЫЛДЫЙЛА *этиш.* 1. Ылдый жакка карай төмөндөө, төмөн түшүү. *[Айдай] ордунан туруп, асканын түбүн көздөй ылдыйлап жөнөдү* (Қаимов). *Күн уламдан-улам ылдыйлай берет* («Ала-Тоо»).

2. *өт.* Начарлоо, алдан-күчтөн таюу, алсыздануу. *Анар ылдыйлагандан ылдыйлады* (Шүкүрбеков).

ЫЛДЫЙЛАН ылдыйла этишинин өздүк мамилеси.

ЫЛДЫЙЛАТ ылдыйла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛДЫЙЛАШ ылдыйла этишинин кош мамилеси.

ЫЛДЫЙЛОО ылдыйла этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛДЫЙТАН *такт.* Төмөнтөн, төмөн жактан. *Ылдыйтан шамал жел согуп Ый менен зардуу боздоду* (Бөкөнбаев).

ЫЛДЫРА *этиш.* Үлбүрөө, араң-араң, эптеп-септеп кыбыроо. *Өлбөстүн күнүн көрүп, ичпестин ашын ичип, жакпастын отун жагып, ылдырап жашай бериштн* («САЖИ»). *[Көкөнүн] өзүнөн өзү ылдырап араң турган эски боз көйнөгү колго келбей, шала-шала тытылып кеткен болучу* (Касымбеков).

ЫЛДЫРАТ ылдыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛДЫРОО ылдыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛЖАҢДА *этиш.* Ыржаңдап жагымсыз күлүү.

ЫЛЖАҢДАТ ылжаңда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛЖАҢДОО ылжаңда этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛЖУУ ылжы этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛЖЫ *этиш.* Аябай, абдан мас болуу. *Кездешип бири-биринө камчы салды, Ылжыган далай мастар «сээниби» деп, Жел баканы, келтек, чокмор, союл алды* (Турусбеков).

ЫЛЖЫРА *этиш.* 1. Былжырап жара болуп кетүү. *Ылжыраган таз болгун, Азыркы кейпиң жоготуп, Төштүк!* («Эр Төштүк»). *Ичегим шишип ылжырап, Ич этим калды былжырап* (Тоголок Молдо).

2. Эзилүү, эзилип колго келбей калуу. *Ылжырап бышкан эт.*

◆ **Ичи ылжыроо — ичи эзилүү, аябай жакшы көрүү.** *[Эне] миң кагылып, ичи ылжырап эзилет* («Ала-Тоо»). *Чечен бул-*

бул айдатты, Безелентип, шаңкылдап, Эрип турду бар жандык, Ич эзилип ылжырап (Элебаев).

ЫЛЖЫРАТ ылжыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЛЖЫРОО ылжыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫЛОО *зат.* Жүк ташуучу, минилүүчү унаа. *Ат табылгыча аяк ылоо. Өзуңүз ат ылооңуз менен аман келдиңизби?* (Жантөшев).

ЫЛООЧУ *зат.* Унааны коштоп жүрүүчү. [*Мусабек*] *өзү көк чолокту минип,* [*Ашырды*] *ылоочудан бетер эзэрчип алды* (Сасыкбаев). *Жүктүү төөгө мингиздиң, Ылоочу кылып жүргүздүң* (Тоголок Молдо).

ЫЛЫМ: ылым саноо — жакын саноо, жан тартуу, жакшы көрүү. [*Канубек*] *жакын арадагы ылым санашкан жатакчыларды чакырды* (Жантөшев).

ЫЛЫМДАШ *этиш.* Бирөө менен жакын болуп жүрүү, жакындашуу; бирөөнү жакын саноо, бирөөгө жан тартып, жакшы санашкан мамиледе болуу.

ЫЛЫМТА *зат.* Далдаа, жаан-чачын тийбей турган жер, шамалдан коргоно турган жай, ыктоо жер. *Чыйрыккан Жылдызкан мындай ылымта жерде кадимкидей жылый түштү* (Байтемиров). *Асканын алды ылымта жана от болгондуктан, койлор өтө тынчтыкта оттоп жатышат* (Жантөшев). *Буюккан кийиктер бөксөгө ылымтага карай ыкташты* (Аалы).

ЫМ I *зат.* Көз ирмеп, ымкап берилген белги. *Көк деңизде жүргөн сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып, жымыңдашат* («САЖИ»).

ЫМ II: ым түлөк *к.* **түлөк.**

ЫМАЛА *зат.* Татуулук, ырк, бири-бири менен ынтымагы бар, ынтымакташкан мамиле.

ЫМДА *этиш.* Көзүн кысуу, көзүн кысып чакыруу, белги берүү. *Чакырганга келбеген, ымдаганга зар болот* (макал). *Артем көзүн ымдап, колун жаңсап солдатты жанына чакырып алды* (Жантөшев).

ЫМДАШ ымда этишинин кош мамилеси.

ЫМДОО ымда этишинин кыймыл атоочу.

ЫМТЫКАН *зат. эс.* Сыноо, текшерүү.

ЫМТЫРА *этиш.* 1. Жүүнү бошоо, шалдыроо. [*Улак*] *ымтырап өтө жоош* (Бейшеналиев).

2. *өт.* Мемиреген, тынч. *Оң четинен ымтыраган айылдын, Чоң коркунуч асман жерди баскандай* (Бөкөнбаев).

ЫМТЫРОО ымтыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫМШУУ ымшы этишинин кыймыл атоочу.

ЫМЫР: ымыр-чымыр болуу *к.* **чымыр II.**

ЫМЫРКАЙ *сын.* 1. Мала кызыл өң. *Ымыркай чыт. Ымыркай тартуу.*

2. *өт.* Жаңы, жаш төрөлгөн бала, кызыл эт бала. *Тиги аял.. ыңгаалап ыйлаган ымыркай баланы Түлөбердинин этегине салды* (Жантөшев). *Ымыркай кезде ушул эне торолткон* (Бейшеналиев).

ЫМЫРТ *зат.* Күүгүм, күүгүм тартканкараңгылык. *Уламдан-улам ымырт каптап, айлананы караңгынын оор салмагы баскансып келет* (Жантөшев). [*Ажар*] *каш карайып, ымырт жабылган кезде ордунан туруп, кайта жолуна түштү* (Баялинов).

ЫНА *этиш.* Ишенүү, ишенип калуу, макул болуу, моюн сунуу. — *Макул деп түлкү ынады, Сынамакка чыдады* (Тоголок Молдо). *Анын айтканына ынабай коюуга болбойт* (Каимов).

ЫНАК *сын.* 1. Таза, нак, эч кандай кошундусу жок, нукура өзү. *Ынак кымыз. Ынак сүт.*

2. Мамилелери, пикирлери жакын, бири-бири менен татуу, дурус. *Суусар аны менен бирге окуган курбусу. Экөө абдан ынак* (Байтемиров). *Сөз жакшысын кулак билет, кыз жакшысын ынак билет* (Жантөшев).

3. Жакын, жакшы көргөн, каалаган. *Ачкылга ынак жан экенсиң. Болсо болор акын киши ойго ынак, Ошондуктан сансыз ойлор асылат* (Шамшиев).

ЫНАКТЫК *зат.* Жакындык, жакын мамилелүүлүк, бири-бирине ынак мамиледе болуучулук. *Өтө ынактыктын укмуштай күчү биздин көз алдыбызга өзгөчө жаркырай түшкөн эле* («Советтик Кыргызстан»). *Эзилише сүйлөшкөн, Ынактык кыйын баарыдан* (Маликов).

ЫНАН ына менен бирдей.

ЫНАТ ына этишинин аркылуу мамилеси.

ЫНАНЫЧ *зат.* Ишенич. *Кандай болбосун ошолордой болуу керек! — деген ынанычка токтоду* (Абдумомунов).

ЫНДОО *зат.* Май чыгарыла турган тоголок майда дандары бар, сары гүлдүү, куурайдай болуп бийик өсүүчү өсүмдүк жана ушул өсүмдүктүн даны.

ЫНДЫ: ынды кара — капкара, аябай кара, көмүрдей кара. *Өз кызматын билсечи, Ынды кара чубалбай* (Токобаев). *Ынды кара болгомун, Самындап жуусаң агарбайм* («Мендирман»).

ЫНДЫН: ындыны өчүү — көңүлү чөгүү, көңүлсүз болуу, үмүтсүздөнүү. *Большевиктер партиясы гана ындыны өчпөстөн, өзүнүн катарларын туруктуулук менен чыңдай берген* («Коммунист»). *Бир эмес, ындыны өчүп нечен курдай, Кур кайткан азыркыдай шордуу Миңбай* (Осмонов). *Сөзгө катуу сынып, башын жерге салып, Шайыктын ындыны өчө түштү* («Чалкан»).

ЫНСАП *зат.* Каниет кылгандык, уят, абийир. *Ынсап кылып, тобо деп, Жүргөнүң жок Турумтай* (Тоголок Молдо). *Капиталисттер адамгерчилик ынсаптарын алтынга, долларга айырба штап жиберишкен* (Сыдыкбеков).

ЫНСАПСЫЗ *сын.* Ынсабы жок, уятсыз, адамгерчиликсиз.

ЫНТА *зат.* Кунт, ыклас. *Ынталары менен кызылдарды колдоп жатышат* (Жантөшев).

ЫНТАЛА *этиш.* Ичи көпкөндө, көп тойгондо чыдай албай ынтыгуу, энтигүү. *Кымыз ичип ынталап олтурат.*

ЫНТАЛАТ ынтала этишинин аркылуу мамилеси.

ЫНТАЛОО ынтала этишинин кыймыл атоочу.

ЫҢТАЛУУ *сын.* Кунттуу, бир нерсеге ынтасын койгон. *Ишке ынталуу.*

ЫНТЫГУУ ынтык II этишинин кыймыл атоочу.

ЫНТЫЗАР *зат.* Дилгир, талапкер, ынталуу. *Даниярдын обонун угууга ынтызар болуп, чыдамым жетчү эмес* («Советтик Кыргызстан»). *Томояк болсом тилим бар, Торгойдой сайрар үнүм бар, Укканга элим ынтызар* (Токтогул).

ЫНТЫК I. *зат.* Дилгир, ынтызар. *Ынтык болгон Жамиласына өзүнүн Фрунзеге келгендигин билдирбей, ал кантип чыдап тура алат?* (Баялинов). *Көптөн бери ынтык, кумар болгон, сагынышкан жалындуу көздөр экинчи ирет дагы бир-бирине учурашканда, эриксизден экөө тең жылмайышты* («САЖИ»).

ЫНТЫК II *этиш.* Энтигүү, оор дем алуу, демигүү. *Койлор тим эле ынтыгып калыптыр* (Абдумомунов). [*Жутаке*] *семиздигинен ынтыга таноолорун дер-деңдетет* (Жантөшев).

ЫНТЫКТЫР ынтык II этишинин аркылуу мамилеси.

ЫНТЫМАК *зат.* Чыр-чатаксыз, ынтымакташып жүрүүчүлүк, татуулук, бирдиктүүлүк, бир тилектүүлүк. *Эң бир кымбат достук менен ынтымак, Ушул жерден бир дайрага чөмүлөт* (Осмонов). *Социалисттик лагердин өлкөлөрүнүн элдеринин улуу ынтымагы гүлдөй берсин.*

ЫНТЫМАКТАШ *этиш.* Бири-бири менен ынтымактуу мамиледе болуу, татуулашуу.

ЫНТЫМАКТАШТЫР ынтымакташ этишинин аркылуу мамилеси.

ЫНТЫМАКТАШУУ ынтымакташ этишинин кыймыл атоочу.

ЫНТЫМАКТУУ *сын.* Ынтымагы бар, чатакташпай, ынтымакташып жүрүшкөн. *Баары бир эненин балдарындай ынтымактуу* (Сыдыкбеков). *Совет бийлигинин кезинде гана бул көп улуттан турган калк бир үй-бүлөдөй ынтымактуу жашоо дооруна өтүштү* («Советтик Кыргызстан»).

ЫНТЫМАКТУУЛУК *зат.* Ынтымактуу, ынтымагы бар болгондук. [*Колхоздо*] *ынтымактуулук менен достук кенен орун алып, эмгекке бекем ширелген* («Ала-Тоо»). *Элдердин ынтымактуулугу.*

ЫҢ: ың-жың — дайынсыз, белгисиз, эч кабарсыз. *Каныбектер жер алдына кирип кеткендей ың-жың болушту да калды* (Жантөшев).

ЫҢГАЙ *зат.* Жагдай, ылайыкташкан шарт, ыңгай. *Балта сөздүн ыңгайын күтүп турган* (Байтемиров). *Иштин ыңгайына жараша дагы ойлонуп акылдашалы* (Жантөшев).

ЫҢГАЙЛА *этиш.* Ыңгайын келтирүү, ыңгайлоо, ылайыктоо. *Ыңгайлап отурган жерге* (Жантөшев). *Ыңгайлап ат коюу керек* (Жантөшев).

ЫҢГАЙЛАН ыңгайла этишинин өздүк мамилеси.

ЫҢГАЙЛАТ ыңгайла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫҢГАЙЛУУ *сын.* Ыңгайы келтирилген, ыктуу, ылайыктуу. *Ыңгайлуу жер таап, жайланыша баштадык* (Каралаев). *Жаш кар аңчылык үчүн абдан ыңгайлуу* (Каимов).

ЫҢГАЙСЫЗ *сын.* Ылайыгы жок, ыңгайлашпаган. ыксыз, туура келбеген. *Кызылча ыңгайсыз жерге эгилсе, багуу өтө начар болот* («Советтик Кыргызстан»). *Гүлайым.. өтө ыңгайсыз абалга капталды* (Бейшеналиев). *Отурган жерим ыңгайсыз болуп жатат* (Жантөшев).

ЫҢГЫРА *этиш.* 1. Күрүлдөө, күңгүрөнүү. *Ач арстандай ыңгырап.*

2. Керилүү, бой көтөрүү, бааланууу.

ЫҢГЫРАН ыңгыра этишинин өздүк мамилеси.

ЫҢГЫРОО ыңгыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫҢҚЫ *этиш.* Аябай жыш чыгуу, калың болуу. *Айылдын жогору жагы ыңкып чыккан беде аянты* («Жаш ленинчи»). *Ыңкыган жоого бет алып, Ылаачындай качырдың* (Барпы).

ЫҢТАЙ *зат.* Ыңгай, шарт. *Иштин ыңгайы. Иштин ыңгайын келтирүү.*

ЫҢТАЙЛА *этиш.* Ыңтайын келтирүү, ыңгайлуу шартка туура келтирүү. *Качар жагын бет алып, Ыңтайлап кетип баратат* («Манас»). *Жамат бир жерди ыңтайлап, дүкүйгөн чырканактын түбүнө бугуп калды* (Элебаев).

ЫҢТАЙЛАН ыңтайла этишинин өздүк мамилеси.

ЫҢТАЙЛАТ ыңтайла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫҢТАЙЛОО ыңтайла этишинин кыймыл атоочу.

ЫҢТАЙЛУУ *сын.* Ыңтайы келген, шарттуу, ылайыктуу, ыңгайлуу. *Бир чөмөлө чөп чаап алар ыңтайлуу жери жок* (Жантөшев). *Ыңтайлуу шарт.*

ЫҢЫЛДА ыңылда менен бирдей.

ЫҢЫРЧАК *зат.* Жүк артууга ылайыкталган, көбүнчө өгүзгө токула турган ээр. *Айылдан өгүз, ыңырчак, аркан чогултту да, арча жүктөп келүүгө тоого жөнөдү* (Бөкөнбаев).

ЫПТА I *зат.* Каптал, каптал жак. *Бүгүн оң ыптам менен жатыпмын. Боз үйдүн бир жак ыптасы .*

ЫПТА II *этиш.* Бириктирүү, умачтоо, тоголоктоо. *Самын ыпта.*

ЫПТОО ыпта этишинин кыймыл атоочу.

ЫПЧА эпчи менен бирдей.

ЫПЫЛАС *сын.* 1. Булганч, кир. *Аккан сууну даана айт, Ыпыласты тазалайт* (Барпы).

2. *өт.* Кара ниет, жаман ойлуу, жаман сапаттуу. *Ыпылас адам.*

ЫПЫЛАСТЫК *зат.* 1. Таза эмес, кир, булгангандык.

2. *өт.* Кара ниеттик, кара санатайлык,

ЫПЫЛДА *этиш.* Бат-бат кыймылдоо, шыпылдоо, жып-жып этүү, оозу-оозуна тийбей эпилдеп сүйлөө. [*Уруя*] *ыпылдап-шыпылдап жаны тынбайт* (Байтемиров). *Колдору менен ооздору ыпылдап аракетке кирди* («Ала-Тоо»).

ЫПЫЛДАТ ыпылда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫПЫМ: ыпым жок — такыр жок, таптакыр жок.

ЫПЫР: ыпыр-сыпыр — жаман-жуман нерсе, таштанды, шыпырынды. *Ыпыр-сыпыр короодон Кайда кетип жоголгон* (Үмөталиев). *Акырын жүрүп турган жел бороонго айланып, көчөдөгү ыпыр-сыпырлар чаңга аралаша түштү* («Жаш ленинчи»).

ЫПЫРА *этиш.* Бырыксыган, иретсиз, чачылган, чаңдаган абалда болуу, сапырылып, тартипсиз, булганч болуу. *Үйдүн ичи ыпырап, чаңы асманга чыкты.*

ЫПЫРАТ ыпыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫПЫРСЫ *этиш.* Бырыксуу, бытырап чачылып, иретсиз жатуу, ыпыроо.

ЫПЫРСЫТ ыпырсы этишинин аркылуу мамилеси.

ЫР *зат.* Ритм жана уйкаш аркылуу түзүлгөн поэтикалык чыгарма. *Көрүшүү ырлары. Санат-насият ырлары. Айтыш ырлары. Чертмегине кыл таккан, Чебер тилди сайратып, Чукугандай ыр тапкан* (Токтогул). *Ыр түрүндөгү чыгарма.*

◆ **Ыр чыны** — отурушта, той-тамашада, сармерден айтышканда бири-бирине ырдап сунуша турган, ичинде ичкилиги бар чыны. [*Зулай*] *ыр чыныны колуна алып, тамагын жасай баштады* (Байтемиров).

ЫРАА: ыраа көрүү — бир нерсени бирөөгө кыюу, ылайык деп табуу. *Ал эмне үчүн жооп бербейт? Же атын ыраа көрбөйбү* (Қаимов). *Анын өзүн мага ыраа көргөн жок* (Сыдыкбеков).

ЫРААЗЫ *зат.* Көңүлүнө, оюна туура келгендик, канааттангандык, наразы болбогондук. *Тартип жөнүндө коюп отурган талаптарына Каныбек абдан ыраазы болду* (Жантөшев). *Көбөл қагылайындын адамгерчилигине ыраазы болдум* (Қаимов).

ЫРААЗЫЛЫҚ *зат.* Ыраазы болгондук, алымсынгандык, канааттангандык.

ЫРААҚ *такт.* Аралык, убакыт, мезгил жагынан болгон узактык, алыстык. *Ыраак жол. Дүрбүнүн көздөн курч айнектери ыраак жерде кумурскадай кыбырап жүргөн беш-алты карааңды көрсөттү* (Абдукаримов).

ЫРААКСУУ ырааксы этишинин кыймыл атоочу.

ЫРААКСЫ *этиш.* Өзүн өзү алыстатуу, жакындабоо, ыраактоо.

ЫРААКСЫН ырааксы этишинин өздүк мамилеси.

ЫРААКСЫТ ырааксы этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРААКТА *этиш.* Жакындабоо, алыстоо, ыраак болуу. *Ыраактап кош айтылып* (Шүкүрбеков). *Менин жаткан жеримден, Ыраактабай жакын кел* («Эр Табылды»).

ЫРААҚТАТ ырааkта этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРААҚТОО ырааkта этишинин кыймыл атоочу.

ЫРААҚТЫҚ *зат.* Жакын эместик, алыстык, алыс, ыраак болгондук.

ЫРААҚЧЫЛ *сын.* Жакын аралыкка анча кызып жүгүрбөй, күлүктүгүн байката албай, алыска мыкты жүгүргөн, ыраакка жакшы чуркаган (күлүк жылкыга карата).

ЫРААҚЫ *сын.* Алыскы, ыраак жактагы, ыраактагы. *Ыраакы тоо. Ыраакы жайлоолор. Ыраакы айылдар.*

ЫРААТ I ырақат менен бирдей. *Жаш күнүңдүн ыраатын Жаштыгыңда сүрүп өт* (Токтогул). *Ыраат болор бир күнү Кордукту сенден көргөнүм* (Барпы).

ЫРААТ II *зат.* Тартип, салт, каада. *Ырааты менен жайгаштыруу. Конок күтүү кыргыздын эзелкиден берки ырааты* (Сыдыкбеков).

ЫРААТТУУ *сын.* Ырааты менен, ыраатка салынган, тартиптүү, иреттүү, бир кылка. *Совет өкмөтү талыкпастан.. ырааттуу түрдө тынчтыктын саясатын жүргүзүүдө* («Коммунист»). *Партия.. социалисттик индустриялаштыруу саясатын ырааттуу түрдө ишке ашырды* («Коммунист»).

ЫРАЙ *зат.* Ыран, түр, түс, өң. *Токтогулдун ырайына да, жакындыгына да карамак эмес* (Аалы). *Алым жылуу жүзү, ачык ырайы менен алик алды* (Баялинов). *Кара көз, жылуу ырай, бети толук, Башына оронгон кызыл жоолук* (Шамшиев).

◆ **Аба ырайы** *к.* **аба II.**

ЫРАЙЛАШ *этиш.* Жүз көрүшүү, жүздөшүү. *Ысык-Көл менен ырайлашкандан кийин, жолоочулар шаарды карай басышат* (Убукеев). *Ырайлашып сүйлөшүү.*

ЫРАЙЛАШТЫР ырайлаш этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРАЙЛАШУУ ырайлаш этишинин кыймыл атоочу.

ЫРАЙЛУУ *сын.* Ырайы келишимдүү, өңдүү, сулуу.

ЫРАЙЫМ *зат.* Боорукерлик, ак көңүлдүүлүк, көңүлчөөктүк, бирөөгө кайрымдуу, адамгерчиликтүү мамиле, мээрим. *Гүлайымдын өзүнөн башкадан ырайым күтпөйм* (Бейшеналиев). *Биздер жакка сиз жактан Болор бекен ырайым* («Чалкан»).

ЫРАЙЫМДУУ *сын.* Қайрымдуу, кичи пейил, боорукер. *Салык көздөрүн күлүңдөтүп, эң ырайымдуу кебетеси менен Бакенге карайт* (Қаимов). *Ата-энесине ырайымдуу уул.*

ЫРАЙЫМДУУЛУК *зат.* Мээримдүүлүк, кайрымдуулук, боорукердик.

ЫРАЙЫМСЫЗ *сын.* Таш боор, ырайымы жок, каардуу, адамга боору ачыбаган

мага тааныш болсо да, мен үчүн бир ырайымсыз каргашадай сезилди (Жантөшев). *Ырайымсыз суук нечен жолу Тообайды кайыктырды* (Абдумомунов).

ЫРАЙЫМСЫЗДЫК *зат.* Ырайымы жоктук, кишиге ырайым кылбагандык, таш боордук. *Полицейскийлер ырайымсыздык менен киришкенден кийин эл.. бытырап таркай баштады* (Абдукаримов). *Наадандык, ырайымсыздык жакшынын баркына жеткирбес* (Сыдыкбеков).

ЫРАКАТ *зат.* Кайгы-капалык жок, бардык жагынан шайма-шай келген жыргалчылык, жанга жагымдуулук. *Салкын жели көңүлдү көтөрүп, мээримдүү ыракатка алып баратат* (Сыдыкбеков). *Дүйнөнүн ыракатын тургузуп, Сан жыргалга сайрандайбыз, канабыз* (Элебаев). *Заманына, өз калкына ой-пикири санаалаш Кыргызстан ыр калаасы, ыракаттын бешиги* (Осмонов).

ЫРАКАТТАН *этиш.* Ыракатка батуу, жыргап кууноо.

ЫРАКАТТАНТ ыракаттан этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРАКАТТАНУУ ыракаттан этишинин кыймыл атоочу.

ЫРАКАТТУУ *сын.* Ыракаты бар, жыргалдуу. *Эртеңки ыракаттуу келечекке, Турмуштун дал өзүндөй тунук карап* (Осмонов). *Ах, чиркин, биздин күндөр кандай таттуу, Бүгүндөн эртеңкиси ыракаттуу* (Осмонов).

ЫРАКМАТ *бөл.* Бирөөгө ырааздылыгын билдирүү, алкыш кылуу үчүн колдонулат. — *Ырахмат, Осмон! Сенин чоң курулуштагы сонун эмгегиң эч качан унутулбайт* (Сасыкбаев).

ЫРАМАТ *зат. тар.* Эски убактагы чыгымдын, салыктын бир түрү. — *Күнүгө ырамат, күнүгө салык салганбы* (Турусбеков). *Ырамат, чыгым үчүн жалгыз уюбуздан өйдө саттык* (Элебаев).

ЫРАМАТЫЛЫК *зат.* Маркум. *Ороз ыраматылык.. март адам эле* (Каралаев).

ЫРАҢ *зат.* 1. Түс, өң, ырай, түр. *Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз* (Эралиев). *Ыраңы суук. Жаңы тиккен жапжашыл даректар, гүлдөр ыраңына кирип көйкөлөт* (Сасыкбаев).

2. Жайкалып, көгөрүп турган көк шибер, көк чөп. *Жазгы чыккан ыраңга Сызылып соккон жел кызык* (Осмонкул). *Жайындагы.. көгөргөн ыраң, ыргалган гүлдөр жок* (Жантөшев).

ЫРАҢДУУ *сын.* Ыраң чөптүү. *Жазында сени куба кой, Ыраңдуу жерге токтоттум* (Тоголок Молдо).

ЫРАПЫС *зат.* Жол-жолу бар тыгыз согулган кездеме. *Көк ырапыс тон кийген, Көк жал Чубак эренге айт* («Манас»). *Көк ала сындуу ат минген, Көк ырапыс тон кийген* («Семетей»).

ЫРАС *такт.* 1. Чын, туура, аныk. *Уят өлүмдөн катуу деген ырас, балдар* (Аалы). *Ырас кеп. Кептин ырасы ушундайча болуп чыкты.*

күтүп жүрдүк эле, ырас болбодубу (Жантөшев). *Ырас адам.*

ЫРАСМИ *зат.* Адат, салт, каада. *Инисинин зайыбын Агасы тартып алмагы Илгертен жок иш — ырасми* («Саринжи—Бөкөй»). *Ата-бабанын ырасми.*

ЫРАСТА *этиш.* 1. Ырас, туура экендигин бекемдөө, аныктоо. *Биринчи орус революциясы партиянын эң көрүнүктүү маанисин төгүндөлбөс кылып ырастаган* («Коммунист»).

2. Жакшылап эбине келтирүү, ондоо, жөнгө салуу. *Ырастап жүгүн арттырды, Бышыктап аркан тарттырды* («Эр Төштүк»).

ЫРАСТАЛ ыраста этишинин туюк мамилеси.

ЫРАСТАТ ыраста этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРАСТОО ыраста этишинин кыймыл атоочу.

ЫРБА *этиш.* 1. Күчөп кетүү (ооруга, көбүнчө жарага, шишикке карата). *Ок тийген буту ырбады, Табылды атка жүрбөдү* («Эр Табылды»). *Адыл жараты ырбап, бети шишип, катуу забыр тартат* (Сыдыкбеков).

2. Ого бетер күч алуу, белгилүү болуу, жайылуу, күчөө. *Бул ушак ырбагандан ырбай берди. Матвеевич талаш-тартыштын ырбашына жол бербеди* (Бейшеналиев).

ЫРБАТ ырба этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРБОО ырба этишинин кыймыл атоочу.

ЫРБЫЙ *этиш.* Арык, араң жан болуп көрүнүү, арыктоо. *Мурдагы ырбыйган араң жан Жусуп жок* (Абдумомунов).

ЫРБЫЙТ ырбый этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРБЫЮУ ырбый этишинин кыймыл атоочу.

ЫРГА *этиш.* 1. Чайноо, ары-бери термелтип, элеп ыкшоо (мис., электи, калбырды). *Калбырга салып ырга.*

2. Ыргалган, термелген абалга келтирүү, теңселтип кыймылдатуу. *Соккон желге карт карагайлар башын ыргап күүлдөгөн болот* (Жантөшев). *Шиберди ыксыз ыргап жел, Тураксыз желди кылба бел* (Турусбеков).

ЫРГАЙ *зат.* Жыттуу гүл ачуучу, сөңгөгү катуу бадал өсүмдүгү. *Ыргай сабоо. Ыргай отун.*

ЫРГАЙЛУУ *сын.* Ыргайы көп, ыргайы жыш, калың өскөн. *Ыргайлуу бет. Ыргайлуу капчыгай. Ыргайлуу төр.*

ЫРГАК *зат.* 1. Добуштун, үндүн бир темптеги термелүүсү, толкуну. *Назик ыргак бирде бийик, бирде пас* («Ала-Тоо»). *Саал дирилдеп чыккан үнү ар бир пионерге так жетти, үлбүрөк жибектей ыргагы жумшак үгулду* (Сыдыкбеков).

2. Ырдын, күүнүн ж. б. ритми. *Ырында эл ырларынын элпек ыргагы, назик мелодиясы бар* («Ала-Тоо»).

ЫРГАЛ ырга этишинин туюк мамилеси.

ЫРГУУ ырга этишинин кыймыл атоочу.

ЫРГЫ *этиш.* 1. Аттоо, бир нерсеге

рүү, секирип кетүү. *Арышка арыш уланып, Кийиктей ыргыйт суналып* (Аалы). *Татыбек ыргып туруп, чырак жакты* (Байтемиров). *Капитан үзөңгүсүн теппей туруп көк кашкадан ыргып түштү* (Жантөшев). *Дубалга ыргып чыга калды.*

2. Түртүлүү, шарт бөлүнүү, атып кетүү, учуп түшүү. *Каракер таптак түйүлгөндө, үстүндөгү киши ыргып кетүүгө аз калды* (Сыдыкбеков). *Туурадан ыргып майда таш, Бута атым кетет чыркырап* (Аалы). *Кайгысын айтсам өткөндүн Булактай көздөн жаш ыргыйт* (Бөкөнбаев). *Колунан кетмени ыргып, бутуна тийди* (Байтемиров).

ЫРГЫЛЖЫҢ *сын.* Чечкиндүү эмес, олку-солку, бир жаңсыл эмес, аныкталбаган. *Ыргылжың иш. Салык ат үстүндө ыргылжың болуп туруп калды* (Қаимов).

ЫРГЫТ 1. **ыргы** этишинин аркылуу мамилеси.

2. Керексиз, пайдасыз нерсе катарында таштап салуу, саштап атуу.

ЫРГЫТУУ ыргыт этишинин кыймыл атоочу.

ЫРГЫТЫЛ ыргыт этишинин кош мамилеси.

ЫРГЫШТА *этиш.* 1. Башын силкилдетип, атырылып ойноктоо, ойдолоо, ыкчам кызыган жүрүштө болуу. *Ыргыштаган Тайбуурул Каргып барып тик түшөт, Казандай болгон таштарга каршы-терши жик түшөт* («Семетей»). *Астындагы бууданы атырылып ыргыштап* («Семетей»).

2. Чогоолдонуп бой бербөө, жолотпоо, жаратпоо (адамдын мүнөзүнө карата). *Ыргыштаган Гавриловду сөзгө камаган Даша табасы кангандай.. кете берди* (Сасыкбаев). *Анча-мынча дагы сөз айтып көрсөм, кыз андан бетер ыргыштап баратат* («Ала-Тоо»).

ЫРГЫШТАТ ыргышта этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРГЫШТОО ыргышта этишинин кыймыл атоочу.

ЫРДА *этиш.* Ырды үн кошуп аткаруу. *Ыраактан ырдап келе жаткан кыз-келиндердин үнү* (Турусбеков). *Жаш балдар, атын жаттап ырдап жүрөт, Эстешет кызыл туулар башын ийип* (Үмөталиев).

ЫРДАЛ ырда этишинин туюк мамилеси.

ЫРДАТ ырда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРДАШ ырда этишинин кош мамилеси.

ЫРДОО ырда этишинин кыймыл атоочу.

ЫРЖАЙ *этиш.* Ырсаюу, ырсаңдап тишин көрсөтүп күлүү. *Чормон аны ого бетер жээликтирүү үчүн ыржайып күлүп койду* (Қаимов). *Атамдын оозу ыржайып, ээгиндеги суюк сакалы эрбеңдеп, бир нерсеге макул дегендей башы секеңдеди* (Жантөшев).

ЫРЖАЙТ ыржай этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРЖАКТА *этиш.* Маанини жок сөздөрдү сүйлөп дайынсыз күлө берүү, ырсактоо, ыржаландоо. *Оюндун же күлкүнүн жөнүн билбей, Кетирип иштин даамын, кур ыржактап* (Элебаев). *Ыржактайсың жөнү жок, Соо кишини жадатып* (Шүкүрбеков).

ЫРЖАЛАКТА ыржакта менен бирдей.

ЫРЖАЛАҢДА ыржакта менен бирдей. *Ыгы жок ыржаландай берсем, менде эмне деген авторитет калат* («Чалкан»).

ЫРЖАҢДА ыржакта менен бирдей. *Алтын тиш салдырганча сумсайып жүрөт, Алтын тиш салдыргандан кийин ыржаңдап эле күлөт* («Чалкан»).

ЫРЖЫЙ *этиш.* Ыржаюу, ырсаюу. [*Кайыптын*] *шалпак эрди ыржыят* (Сыдыкбеков). [*Жигит*] *Турарды шылдыңдагандай ыржыйып күлдү* (Қаимов).

ЫРК *зат.* Бири-бири менен ынтымактуулук, чыр-чатагы жок, ынтымактуу мамиле. *Ынтымак жакшы — ырк жакшы, Ынтымактуу журт жакшы* (Токтогул). *Кудун болсо көпчулуктун ыркы менен жүрө берген момун бала* (Қаимов).

ЫРКСЫЗ *сын.* Ыркы жок, чыр-чатактуу, тынчы жок. *Ырксыз болсоң баарыдан кур каласың, Оозуңдан ырысыңды алдырасың* (Борбугулов).

ЫРҚЫРА *этиш.* Қаап алчудай, тиш салчудай болуп тиштерин ыржайтып ырылдоо. *Дөбөт карышкыр тишин көрсөтүп ыркырап койду* (Аалы). *Ит жаткан жеринен баш көтөрбөй ыркырап койду* (Байтемиров).

2. Арылдап согуу, арылдап катуу жүрүү (шамалга карата). *Бет алдынан ыркырап желаргы согуп, бети-колун тоңдурат* (Баялинов). *Адырдын муздак жели ыркырап тургандыктанбы, Андрейдин көзүнүн шоросу акты* (Сасыкбаев).

ЫРҚЫРАТ ыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРҚЫРАШ *этиш.* Бири-бири менен ажылдашып айтышуу, керишүү, жаманжакшы айтышып урушуу, чырлашуу. *Ыркырашпа тирүүңдө Ырыс алды ынтымак* (Токтогул).

ЫРҚЫРАШТЫР ыркыра этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРҚЫРАШУУ ыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫРҚЫРОО ыркыра этишинин кыймыл атоочу.

ЫРОО *зат.* Белек, сыйлык. *Сакал, мурут кыроолондуң! Сен эсепчи — айгагым. Сен эмгегим ыроо болдуң, Гүлдөп жетти аймагым* (Аалы).

ЫРООЛО *этиш.* Бир нерсени бирөөгө ыроо кылуу, белек кылып берүү. *Алдына ат тартпасам да, көйнөк-көнчөк ыроолой турган жөнүм бар эле* («Ала-Тоо»).

ЫРП *зат.* Күч, ал, кубат. *Кечке кызынын терген пахтасын ташып аябай чарчаганга ырпы куруп, бүткөн бою уюйт* (Байтемиров).

◆ **Ырп этерге алы жок — алы кеткен, шайы оогон, дарманы жок.** *Жалгыз жатат Табылды, Ырп этерге алы жок* («Эр Табылды»).

ЫРСАЙ *этиш.* Ыржаюу, ыржайып тишин көрсөтүп күлүү. *Табылдыдан уялып, Ырсайып абаң күлду эми* («Эр Табылды»). *Чоң үйдөгү күлсө, кичи үйдөгү ырсаят* (макал). *Мен да өзумчө ырсайып койдум* («Ала-Тоо»).

ЫРСАЙТ ырсай этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРСАКТА *этиш.* Тишин көрсөтүп ыржактап күлүү. *Кечке жуук челек бошоп калган кезде, Көбөйдү шылдыңчылар ырсактаган* (Турусбеков). *Түлкү жүрөт ырсактап, Төөнү кошо жулмалап* (Аалы).

ЫРСАКТОО ырсакта этишинин кыймыл атоочу.

ЫРСАЛАКТА ырсакта менен бирдей.

ЫРСАҢДА ырсакта менен бирдей. [*Мергенчи*] *өзүнөн-өзү ырсаңдап күлдү* (Сасыкбаев). *Ырсаңдап күлүп калышып, Кызуулашкан кырк баатыр, Катар орун алыптыр* («Манас»).

ЫРСАЮУ ырсай этишинин кыймыл атоочу.

ЫРСЫЙ *этиш.* Оозу болор-болбос ачылып күлүү, күлүмсүрөп ыржаюу.

ЫРСЫЙТ ырсый этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРСЫЮУ ырсый этишинин кыймыл атоочу.

ЫРЧЫ *зат.* 1. Ырдай билген, ыр аткаруучу, жамакчы; ырдоочу артист. *Айылга ырчылар келди деген кабар тез тарады.*

2. Өз чыгармаларын кагаз бетине жазып чыгарган акын. *Сынчынын сынчылыгы ачык болсо, Ал киши өзүңөрдөй жазгыч ырчы* (Аалы). *Эй ырчы дос, Эмгекти кош, Сүйкүм үндү Аябагын, айдагын* (Үмөталиев).

ЫРЫЛДА ыркыра менен бирдей.

ЫРЫМ *зат.* 1. Үмүт, тилек үчүн иштелген элдик ишенимдин ар кандай белгилери. *Мен жеген боорсоктун теңин сиз жеп коюңузчу. Бул бир ырым, сизге сактаткан аманатым* (Сыдыкбеков). *Кыргызды кылган ырымын Кылалык да кичине* («Семеттей»).

2. Дарым, дарымдоо жолдору, эм. *Ырымын кылып, ысырыктап коёюнчу, — деди Алима* (Абдукаримов). *Сууну ийрими жаман, карынын ырымы жаман* (макал).

◆ **Ырым-жырым** — ар кандай салт, ишеним, үрп-адат. *Салтыңар боюнча ырым-жырымын өткөрө берип, бүт чарбачылыгынан ажыраттыңар* (Убукеев).

ЫРЫМДА *этиш.* 1. Ырым кылуу, ырым болууга ылайыкталган иштерди жасоо, ага ишенич кылуу, үмүттөнүү. *Какылдак жадаса ушул боорсогун да ырымдап бышырган* (Сыдыкбеков).

2. Эмдөө, дубалоо. *Катыны тууса ырымы Устара кылган камыштан, Киндигин кесип ырымдап, Тукуму шибээ дээр экен* («Манас»).

3. *өт.* Жетиштире, марыта бербесе да, эптеп куру калтырбоонун амалын кылуу, кичинеден жетиштирген болуу, эптеп ырым кылып коюу. *Жакын санагандарына чыныга салып, кайсы бирөөлөрүнө кургак талкандан жөн эле колу менен уучтап берип ырымдады* (Убукеев).

ЫРЫМДАТ ырымда этишинин аркылуу мамилеси.

ЫРЫМДОО ырымда этишинин кыймыл атоочу.

ЫРЫМДУУ *сын.* Ырымы бар, ырым-жырымды сактаган.

ЫРЫМЧЫ *зат.* Ырым кылган, ырымга ишенген киши. *Ырымчылар өлсөңөр, Караңгы көргө сыйбайсың* (Токтогул). *Биз ырымчы болбосок да, биринчи октун куру кетпегенине абдан кубандык* (Каимов).

ЫРЫМЧЫЛ *сын.* Ырымга ишенген, ырымдаганды жакшы көргөн. *Калканбай тилдеп коё берди. — Ырымчылын көр. Балдар аныңа баш ийбейт* (Бейшеналиев).

ЫРЫҢ: ырың-жырың — ыркы келбегендик, пикир келишпөөчүлүк. *Музыканттар күтүштү карап үчөөнү, Ырың-жырың болуша баштады эми* (Борбугулов).

ЫРЫС *зат.* Бакты-таалай, насип. *Ырысың бар экен, Соня* (Сасыкбаев). *Көйкөлгөн ырыс кени жерим үчүн, Жаш баладай таалайлуу элим үчүн* (Турусбеков).

ЫРЫСКЫ *зат.* Ичип-жээр, оокат кылаар тиричилик насиби, энчи, дөөлөт. *Кетпес дөөлөт, ырыскы Кирген элди карачы* (Токтогул). *Компартия өзү баштап оозанткан, Түгөнбөгөн ырыскынын булагы* (Аалы).

ЫРЫСКЫСЫЗ *сын.* Ырыскысы жоктук, насипсиз, энчисиз, таалайсыз.

ЫРЫСТУУ *сын.* Ырысы бар, насиби бар, таалайлуу, бактылуу. *Кандай ырыстуу түгөй* (Ашубаев). *Барган сайын узарат, Ырыстуу жаштар кадамың* (Токтогул).

ЫС: ыс-мыска келбөө — кепке, сөзгө келе албай шаштысы кетүү, шашып калуу. *Ыс-мысына келтирбей, Айдап алып жөнөдү* («Мендирман»).

ЫСТАРЧЫН *зат. тар.* Карамагында элүүдөн эки жүз элүүгө чейин үй-бүлө болгон айыл башчысы (бул революцияга чейинки Кыргызстандын административдик системасында болгон).

ЫСУУ ысы этишинин кыймыл атоочу.

ЫСЫ *этиш.* 1. Ысык болуу, ысыктык температурасы көтөрүлүү. *Бүгүн күн укмуштуу ысыды* (Жантөшев). *Суу ысыды. Ысыган тамак.*

2. *өт.* Ооруп калуу, бир жери ооруп температурасы көтөрүлүү. *Көкүс чекеси ысып, башым деп калса, үйрүлүп үстүнө түшөмүн* (Сыдыкбеков).

ЫСЫК *сын.* 1. Ысыган, ысуу аркылуу жогорку температурага жеткен. *Кыштын күнү кара бороон, жайдын күнү адам чыдагыс ысык болот* (Бөкөнбаев). *Ысык суу. Ысык тамак. Ысык нан.*

2. *өт.* Жаңы бышырылган, сууй элек, ыкчам тамак, оокат. *Күндө бир убак ысык ууртабасам, бүткөн боюм курушуп туруп алат* (Элебаев).

3. *өт.* Бири-бирин сүйгөн, жакшы көргөн, жакын, ынак. *Ала-Тоо күндө көрсөң күндө кызык, Көзүңө бүгүнкүдөн эр-*

тең ысык (Шүкүрбеков). *Бул тилектештик, курбулук ысык мамиле* (Қаимов). *Тээ алыска жылт-жылт жанган көп тамдар, Эң бир ысык касиети бар сагынтар* (Осмонов). *Жанымдай ысык көрүнөт, Жүрөккө жакын жаткандай* (Аалы).

◆ **Ысыкка күйүү, суукка тоңуу** — турмуштун оорчулугун, кыйынчылыгын көтөрүү. *Тоону, ташты мындан бетер күүлдөтүп жарып, ысыкка күйүп, суукка тоңуп жүрүшкөн* (Сасыкбаев). **Ысык салам** — жалындуу, жүрөктөн чыккан салам. *Эл-журтуңузга ысык салам айтам* (Тоголок Молдо). **Ысык суу** — арашан, жылуу суу. *Ар жеринде оргуп агат ысык суу, От жагылбай кайнап чыгат бышык суу* (Осмонкул).

ЫСЫКТА *этиш.* Суук тийгенде күчтүү тамак ичип жылууланууу.

ЫСЫКТАН ысыкта этишинин өздүк мамилеси.

ЫСЫКТАТ ысыкта этишинин аркылуу мамилеси.

ЫСЫКТОО ысыкта этишинин кыймыл атоочу.

ЫСЫКТЫК *зат.* Жакындык, көңүлү жакындык. *Алтынай менен Эрмектин жүрөгүндөгү ысыктыкты өлчөп жатышканы эмеспи* («Советтик Кыргызстан»).

ЫСЫЛА *этиш.* Боргулданып тердеп, ысып кетүү, ысыкка чыдай албай ачынуу, жеңилденүү, шамалдоо. *Эшиктин ачык турганына карабастан ысылап, жонунан буу чыгат* (Байтемиров).

ЫСЫЛАТ ысыла этишинин аркылуу мамилеси.

ЫСЫЛЫ ысылы-суук—кыйынчылык менен оңойлук, оор менен жеңилдик, ар кандай шарт. *Эмне үчүн Тообай ысылы-суук менен күрөшүп, кара жанын карч уруп жүрөт* (Абдумомунов).

ЫСЫЛЫК *зат.* Ичкилик ичкенден кийин ичүүчү ысык тамак. *Ысылык: жайнаган эт, пияз, анар, Жол тартып кыргыз кызы алып келген* (Үмөталиев). *Ысылыкка тай союп, Арак берип сыйлады* (Жантөшев).

ЫСЫМ *зат.* Адамдын аты, наамы. *Лингвист В. В. Радловдун жана тарыхчы В. В. Бартольддун ысымдары Кыргызстан менен тыгыз байланышкан* («Коммунист»). *Токтогулдун ысмы бир тууган боордош элдердин бардыгына белгилүү* («Ала-Тоо»).

ЫСЫМДУУ *сын.* Аты, ысымы бар.

ЫСЫРАП *зат.* Үнөмсүз, максатсыз, пайдасыз жоготулгандык, коромжулук. *Коомдук мүлктү ысырап кылуу фактылары. Материалдын бардыгын куурчакка ысырап кылганга апамдын кантип ачуусу келбесин* (Таштемиров).

ЫСЫТ ысы этишинин аркылуу мамилеси.

ЫТКЫЙ *этиш.* Былтыйып семирүү, толуу, өтө семирип кетүү. *Ыткыйган семиз киши.*

ЫТКЫЙТ ыткый этишинин аркылуу мамилеси.

ЫЧКЫР *зат.* Дамбалдын, шымдын кашатына өткөзүп, байланып жүрүү үчүн көбүнчө ичке сызмадай тизилип, чачыкталып жасалган боо. *Дамбалдын ычкыры. Шымдын ычкыры.*

ЫШ *зат.* Күйүп жаткан оттун учкунунан, түтүнүнөн пайда болгон көө; түтүндөн бир нерсенин бетине саргайып туруп калган катмар. [*Чырактардын*] *кай бири түтөп шишеси капкара ыш болуп да калган* (Жантөшев). *Ыш каптаган боз үй.*

ЫШКУУ ышкы этишинин кыймыл атоочу.

ЫШКЫ I *зат.* Қандайдыр бир ишке, өнөргө ж. б. карата кызыккандык, кызыгып берилгендик, аны самагандык. *Сүйгүң келет чиркинди Ичиңден ышкың козголуп* (Тоголок Молдо).

ЫШКЫ II *этиш.* Сүрүү, жышуу. *Жыгачты жыгачка ышкыса от чыгат. Кум менен ышкып тазалоо.*

ЫШКЫБОЗ *сын.* Ышкысы бар, ышкылуу, бир нерсеге ышкысы түшкөн, берилген, аябай шыктуу. *Оюн дегенде кыргыз эли кандай ышкыбоз калк* (Абдумомунов). *Эс алуу учурларында Түгөлдү атайылап бир топ ышкыбоздор курчап алышты* (Байтемиров).

ЫШКЫЛА *этиш.* Қайра-кайра ышкып сүрүү, жышуу, сүргүлөө.

ЫШКЫЛОО ышкыла этишинин кыймыл атоочу.

ЫШКЫЛУУ *сын.* Шыктуу, бир нерсеге ышкыбоз, шыгы бар. *Комузга ышкылуу кичинекей балага дал ушунусу керек* («Ала-Тоо»). *Сөзгө канып, кулак салып отурса, Биз болобуз ышкылуунун жакыны* (Қалык).

ЫШКЫН *зат.* Тоодо өсүүчү жазы жалбыректуу, сөңгөктүү, даамы кычкыл келген, солкулдак кезинде желе турган өсүмдүк. *Ышкын терүү. Саякатка чыккан балдар бир колтук ышкынды көтөрүшүп, чарчоону сезбей жадырап келишкен* (Сыдыкбеков).

ЫШКЫНДАЙ *сын.* Күчү толуп, солкулдап турган, кырчындай (жаштарга карата). *Өңкөй ышкындай жаш жигиттер аскер кишисинин командасы алдында.. жүрүп келатат* (Сыдыкбеков).

◆ **Ышкын түп** — ышкындын тамырынан жасалган боёк. *—Үшүп баратсам үйдө ышкын түпкө боёткон сары тонум бар* (Бейшеналиев).

ЫШКЫР *этиш.* 1. Ышкырык чыгаруу (оозу менен же ышкырыкты үйлөө аркылуу). *Орусбек сыбызгыта ышкырып, колун алыска шилтеди* (Сыдыкбеков). *Тебетейин түрүп кийип, ышкырып, Тилебала койдун четин кайырган* (Осмонкул).

2. *өт.* Ызылдаган, шуулдаган катуу добуш салуу (шамал, учкан ок, бороонго карата). *Учкан ок ышкырып кулак тундуруп турат* (Каралаев). *Ышкырган бороон дале басылган жок* (Сыдыкбеков).

ЫШКЫРТ ышкыр этишинин аркылуу мамилеси.

ЫШКЫРУУ ышкыр этишинин кыймыл атоочу.

ЫШКЫРЫК *зат.* 1. Үйлөгөндө ышкыра турган кичинекей курал. *Биздин оюбузду кондуктордун ышкырыгы менен паровоздун кыйкырыгы бөлдү* (Сасыкбаев).

2. Үйлөө, ышкыруу аркылуу абанын кысылып чыгышынан пайда болгон созулуңку, ачык дабыш. *Токтогулдун кулагына алда кимдин ышкырыгы угулду* (Аалы). *Улуу тоодон угулган, Ышкырыгы улардын* (Бөкөнбаев).

ЫШТА *этиш.* 1. Ыш кылуу, түтүн каптатуу, түтөтүү. *Үйдүн ичин тамекинин түтүнү менен ыштай берип, бат эле саргайтып жиберчү болушту* («Ала-Тоо»).

2. Чаначты, сабаны ышка кармоо, ыш кылуу аркылуу кымыз ачытууга, кымыз куюуга жарай турган кылып иштетүү. *Ыштаган чанач.*

ЫШТАН *зат.* Кыска багалектүү дамбал. *Жаман ыштанынын айрыгын көрө коюп, Эркин эки тизесин кымырып уялып кетти* (Жантөшев).

ЫШТАТ ышта этишинин аркылуу мамилеси.

ЫШТОО ышта этишинин кыймыл атоочу.

ЫШТУУ *сын.* Ышы бар, ыш каптаган. *Шариптин ыштуу туманды аралаган-сып ачышкан көздөрү умачтай ачыла түштү* (Бейшеналиев).

ЫШТЫК *зат.* Тери, чанач ыштай турган жер. *Ээн талаада самсаалаган ыштык кебетеленип, серейген жалгыз алачык турду* (Аалы). *Үйдүн ичи жаандан кийинки ыштык жыттанат* (Жантөшев).

ЫШЫН *этиш.* Жалкоолонуп, мойну жар бербей жай кыймылдоо, ышынчаактык кылуу. *Көкүс ышынып, жалкоолонуп жүрбөгүн* (Жантөшев).

ЫШЫНТ ышын этишинин аркылуу мамилеси.

ЫШЫНУУ ышын этишинин кыймыл атоочу.

ЫШЫНЧААК *зат.* Жалкоо, кыймылы жай, чечкинсиз. *Ышынчаак арабакеч* (Сасыкбаев). *Анын жүрүшү карыган бүркүттөй ышынчаак болду* («Советтик Кыргызстан»).

ЫЯ *бөл.* Бир нерсени сураганда, бирөөгө кайрылганда колдонулат. — *Ал ким, ыя? — деп, Татыбек үйдөн чыга келди* (Байтемиров). *Эмне эле ойлонуп калгансың, ыя?* (Сыдыкбеков).

Э

ЭБАК небак менен бирдей. *Биздин өлкөбүздө сабатсыздык эбак жоюлду* («Коммунист»). *Омор карынын көз алдына эбак дүйнөдөн кайткан чоң энеси элестеди* (Сыдыкбеков).

ЭБЕГЕЙСИЗ *сын.* Абдан, өтө; ченде жок, болжолсуз. *Энеден жалгыз сен чыгып, Эбегейсиз зор чыгып* («Эр Төштүк»).

ЭБЕЛЕК I *зат.* 1. Мыкты бөрктөп кадаганда анын алдына коюлуучу көбүнчө тегерек келген темир же башка нерсе. *Сыган казанды эбелек коюп кадады* (Мидин).

2. Саптуу куралдын (мис., балтанын) башын бек бекитүү үчүн урулуучу шынаа. *Башынан чыгып кетет деп, төрт кырдаган кош эбелек урдурган.*

ЭБЕЛЕК II *зат.* 1. Көбүнчө кумдуу, чөлдүү жерге чыгуучу, жел болгондо тегеренип учуп кете турган камгактай жеңил өсүмдүк. *Онуң айтсаң он бөлөк, Эбелек куурай чөпсүңөр* (Жантөшев). *Жазгы чыккан эбелек.*

2. *өт.* Өтө жеңил, токтому жок, тез. *Баскан турганы өтө эле жеңил , эбелектей кыши эле.*

ЭБЕЛЕКТЕ *этиш.* 1. Жеңил, тез-тез канат кагуу. *Карга, сагызган асмандан эбелектеп учуп жүрөт* (Каралаев).

2. *өт.* Өтө тез жүрүү, тез, бат кыймылдоо, басуу. *Эркелеткен Канышай, Эбелектеп жүгүрдү* (Мидин). *Эки киши таманы жерге тийбей эбелектеп, тамак ташып жүрөт* (Элебаев).

ЭБЕЛЕКТӨӨ эбелекте этишинин кыймыл атоочу.

ЭБИРЕ *этиш.* Ыгы жок, орду жок көп сүйлөө, тынбай сүйлөй берүү. *Какылдак эбиреп сүйлөп кетип бара жатат*(Сыдыкбеков). *Эй, катын, орду жок эбиреп сүйлөй бересиңби* (Жантөшев).

ЭБИРЕТ эбире этишинин аркылуу мамилеси.

ЭВАКУАЦИЯ *зат.* Коркунуч болуп турган жерден (көбүнчө согуш мезгилинде) элди, ишканаларды, мекемелерди ж. б. уюшкандык менен башка жерге көчүрүү, башка жайга алып кетүү жумушу.

ЭВАКУАЦИЯЛА *этиш.* Эвакуация кылуу.

ЭВАКУАЦИЯЛОО эвакуацияла этишинин кыймыл атоочу.

ЭВКАЛИПТ *зат.* Кара деңиздин жээктеринде жергиликтүү климаттык шартка ылайыкташтырылып өстүрүлүп жаткан австралиялык тез өсүүчү ири дарак. *Закавказьеде өскөн эбегейсиз чоң эвкалипт жыгачтарын биринчи жолу көрдүк.*

ЭВОЛЮЦИЯ *зат.* 1. Өөрчүп, өзгөрүп отуруп бир абалдан экинчи абалга өтүү процесси. *Дарвин органикалык дүйнөнүн эволюциясына көп сандаган далилдерди келтирген.*

2. *филос.* Сан жагынан акырындап өзгөрүп отуруп, сапаттык өзгөрүүлөргө алып келүүчү өнүгүү формасы.

ЭВОЛЮЦИЯЛЫК *сын.* Эволюцияга таандык.

ЭВФЕМИЗМ *зат. линг.* Айтылышы одоно же кандайдыр бир себептер менен айтууга болбой турган, тергелүүчү сөз же сөз тизмектеринин ордуна тергөө маанисинде колдонулуучу сөздөр же сөз

тизмектери (мис., «өлдү» дегендин ордуна «дүйнөдөн кайтты», «чечек» дегендин ордуна «улуу тумоо» деп айткан сыяктуу).

ЭГЕ I 1. ээ менен бирдей.

2. Кудай, жараткан, теңир. *Ишиңди эгем оңдосун* («Семетей»).

ЭГЕ II өгө менен бирдей.

ЭГЕР *байл.* Шарттуулук маанисиндеги байламта сөз. *Эгер чыкпай калса Тай тору, Ары жок катын дедирбей, Мен ажалдан мурун өлөйүн* («Семетей»).

ЭГЕРДЕ 1. эгер менен бирдей.

2. **эгерим** менен бирдей. *Эрегишкен душманың Эгерде эки болбосун* («Семетей»).

ЭГЕРИМ *такт.* Эч убакта, ар качан. *Эгерим эки болбо деп бата берди* («Чалкан»).

ЭГЕШ 1. эге этишинин кош мамилеси.

2. *өт.* Чатакташуу, касташуу, жоолашуу, эрегишип тартышуу. *Ал экөө аябай.. эгешти* («Ала-Тоо»). *Эгешкен жоону жок кылган: Эрлериме ыракмат* (Калык).

ЭГИЗ I *зат.* Бир энеден бир мезгилде туулган эки бала, төл. *Эгиз кыздар оюнчуктар менен алек* («Жаш ленинчи»). *Короодо коюң эң семиз, Соолугу төлдөйт жылда эгиз* (Барпы).

ЭГИЗ II *сын. диал.* Бийик, узунунан, бийигинен келген. *Эгиз тоо. Эгиз жар. Эгиз бойлуу.*

ЭГИЛ эк этишинин туюк мамилеси.

ЭГИН *зат.* Дан берүүчү өсүмдүктөр, аштык жана анын даны, түшүмү. *Жемиши бышып төгүлгөн, Жер калбай эгин эгилген* (Бөкөнбаев). *Көзгө илээшпей тегирмендин таштары Чайнап жатты эчен түркүн эгинди* (Аалы).

ЭГИНДИК *зат.* Эгин айдалган, эгин себилген, эгин айдоого ыйгарылган. *Эгиндик талаа кеңүүдө, Эмгекчи пахта эгүүдө* (Бөкөнбаев).

ЭГИНЧИ *зат.* Эгин айдоочу, багуучу дыйкан, аштыкчы. *Мата саткан дүкөнчү, Басып жүргөн бекерчи, Кош айдаган эгинчи* (Токтогул).

ЭГИШ эк этишинин кош мамилеси.

ЭГОИЗМ *зат.* Коомдун жана бирөөнүн кызыкчылыгын четке кагып, керт башынын гана камын ойлоочулук, өзүнөн башкага жакшылык арттырбаган өзүмчүлдүк. *Пейлинин жамандыгы эгоизм эмеспи* («Советтик Кыргызстан»).

ЭГОИСТ *зат.* Керт башынын гана камын ойлоочу, өзүмчүл, эгоизмге таандык сапаттагы киши.

ЭГӨӨ өгөө менен бирдей.

ЭГҮҮ эк этишинин кыймыл атоочу.

ЭДЕ эле менен бирдей.

ЭДИРЕЙ *этиш.* Таноосу дердейүү, таноосун көптүрүп дердее карап туруу. *Сатай күлгөндөргө эдирее карады* (Сыдыкбеков).

ЭДИРЕЙТ эдирей этишинин аркылуу мамилеси.

ЭДИРЕҢКЕЙ *сын.* Эдирейген, мурду чолок. *Эдиреңкей жаш бала экен.*

ЭДИРЕҢДЕ *этиш.* Дердендөө; мурдун көтөрүп ыгы жок мактануу, көтөрүлүү, кыйынсынуу; тыңсынуу. *Кандай көйрөң эдиреңдеп мактанат* (Элебаев).

ЭДИРЕҢДЕТ эдиреңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭДИРЕҢДӨӨ эдиреңде этишинин кыймыл атоочу.

ЭЖЕ *зат.* 1. Өзү менен бир тууган же туугандык жакындыгы бар, өзүнөн улуу кыз же аял. *Эже кийгенди сиңди киет* (макал). *Көздөй жакын эжебиз эле сиз болуп калдыңыз* («Ала-Тоо»).

2. Өзүнөн улуу аялга, кызга кайрылганда айтылуучу сөз. *Бактылуу баатыр эжем, Кайназарова Зууракан* (Нуркамал).

ЭЖЕЙ эжеке менен бирдей.

ЭЖЕКЕ *зат.* Өзүнөн улуу аял же кыздарга (көбүнчө окуткан мугалимдерине) сылык, сыйлоо иретинде кайрылуунун формасы.

ЭЖЕЛИ эзели менен бирдей.

ЭЖЕЛЕ *этиш.* Муун-муунга бөлүп окуу, шар окуй албоо. *Алик жазууну эжелеп окуй баштады* (Каимов).

ЭЖЕЛҮҮ *сын.* Эжеси бар. *Эжелүү кызга тон кайда, эчкилүү койго суу кайда* (макал).

ЭЖИГЕЙ *зат.* Көбүнчө койдун ынак сүтүнөн бир нече күн ачытылган жумур (шалпылдак) менен уютулуп, бышырылган азык, тамак. *Эжигей кайнатуу. Эжигей, быштак, куруту, Элет көчмөн турмушу, Каймак майы карында, Касиети жанында* (Тоголок Молдо).

ЭЖИГЕЙДЕЙ: эжигейдей сары — эжигей сыяктанган сары, сапсары, өтө сары (адамдын өңүнө карата айтылат). *Ал күйүп бышкан эжигейдей сары киши эле* (Жантөшев).

ЭЗ *этиш.* 1. Эрий турган же суюла турган заттарды суюга ж. б. суюктуктарга салып эритүү; суюктукка айландыруу; былжыраган, илээшкен абалга келтирип мыжуу, мыжыгуу. *Сүзмө эзип чалап жасады* (Сасыкбаев). *Жаан кирпичтерди эзип кетти* (Жантөшев).

2. Бирөөнү малай, кул катары жумшоо, ага эркиндик бербей эксплуатациялоо. *Абыке, Көбөш элди эзет* («Манас»). *Кыргызды жан алгычтар далай эзген Заардуу тил, ажал огу көкөй кескен* (Турусбеков).

3. *өт.* Сөздү майдалап, көбөйтүп сүйлөө; тантуу, маңыздануу. *Так сүйлө куру бекер сөзүң эзбей* (Үмөталиев).

ЭЗЕЛДЕ *такт.* Илгертен, башынан, мурдатан. *Эзелде ишиң агынан, Элиңе өткүн кадырың* (Токтогул).

ЭЗЕЛИ *такт.* Эч убакта, эч качан; башынан. *Шаматтын эзели эрдинен желки кетпейт* (Элебаев).

ЭЗЕЛКИ *сын.* Илгерки, алда качанкы, өткөндөгү. *Эсебин анын таппасам, Эзелки жинин какпасам* («Семетей»). *Эзелки туугап агайын, Эсендешип алайын* (Токтогул).

ЭЗИЛ эз этишинин туюк мамилеси.

ЭЗИЛҮҮ эзил этишинин кыймыл атоочу.

ЭЗИЛҮҮЧҮ *зат.* Эзүүгө дуушар болгон, эзилген адам.

ЭЗМЕ *сын.* Сөздү майдалап, созуп, маңыздаңып айта берген, тантырак. *Бир*

мүнөз эзме, көк тил, түбү тантык, Эзилтип айта берет сөзүн шалпып (Тоголок Молдо).

ЭЗҮҮЧҮ *зат.* Өндүрүш каражаттарына, бийликке ээ болуп алып, эмгекчи элди эзген эксплуататор. *Эзүүчүлөр түбөлүк жашай албайт, Совет бийлиги эзүүчүлөрдү биротоло жойду.*

ЭЙ *сырд.* Бирөөнү чакырганда, бирөөгө кайрылганда ж. б. айтылат. *Эй, колхоздун бакчысы, Бай бакчаңда эмнең бар?* (Осмонов). *Эй, эй, куу түлкү, Эки балам жылаң баш* (Осмонов).

ЭК *этиш.* Эгин айдоо, себүү. *Быйыл буудай эктим эле, жакшы чыкты.*

ЭКВАТОР *зат. геогр.* Жер шарын же асман сферасын тең экиге, жарым шарга бөлүп, Түндүк жана Түштүк полюстарынын ар биринен бирдей аралыкта, экөөнүн так ортосунан өткөн кырчоо сызык.

ЭКВИВАЛЕНТ *зат.* Бир нерсеге барабар, тең, бирдей келип, толук бойдон ошонун ордун басуучу, анын ордуна жүрүүчү.

ЭКЗАМЕН *зат.* Кандайдыр бир окуу предмети боюнча текшерүү сыноосу; жалпы эле сыноо. *Жогорку окуу жайына кабыл алуу экзамендери. Мамлекеттик экзамендер.*

ЭКИ *сан.* 2 саны, эсеби. *Эки жерде эки — төрт. Эки курбу баш кошуп, Эркелешсең эң кызык* (Токтогул).

◆ **Эки анжы болуу** — эки ойлуу болуу, бир пикирге, чечимге келе албоо, олкусолку болуу. *Каныбектин көңүлү эки анжы боло баштады* (Жантөшев). **Эси эки болуу** *к. эс* I. **Эки көзү төрт болуу**— бир нерсени жан-дили менен тилөө, самоо, жетсем деген тилекте болуу. *Энесин каалап көрүүгө, Эки көзү төрт болуп* («Манас»). **Эки жүздүү** *же* **эки беттүү** — өң карама, өндү көрсө жүз тайган, көзү барда бирди айтып, көзү жокто башкача сүйлөгөн, кошоматчы. *Кээ адам күн карама, эки жүздүү—Бул адам тууралыктан үмүт үздү* (Тоголок Молдо). **Эки сүйлөбөө** *же* **эки дебөө** — жалган айтпоо, убадага бек болуу, айтканынан кайтпоо, айныбоо. *Кээде эки сүйлөп коймоң да бар* (Шүкүрбеков). **Эки болбоо** — иши оңолбоо, артынан кетүү, жакшылыкка жетпөө. *Тузуңа кара санасам, Туулгандан эки болбоюн* (Токтогул).

ЭКИЛЕН *этиш.* Ыгы жоктонуу, обу жок кылыктануу; жойпулануу, оштонуу, назданүү. *Какылдак экиленип күлүп койду* (Сыдыкбеков). *Жоголгула, кантер экен десе экиленип кетет* (Бөкөнбаев).

ЭКИЛЕНТ **экилен** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭКИЛЕНҮҮ **экилен** этишинин кыймыл атоочу.

ЭКИЛТИК *зат.* 1. Экиге барабар, экиге тете. *Асан сакасын экилтик кылып тигип, чүкө ойноду.*

2. Эки эсе; кош кат, катар. *Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин кыргыз эли экилтик эзүүнүн кысымында келди.*

ЭКИЛҮҮ *сын.* Экиленген, обу жок оштонгон, эрке, кылыктанган, жойпуланган. *Элебес келинчегинин экилүү жоруктарына солк этпей чыдады* (Сыдыкбеков).

ЭКИНЧИ *сан.* Экинин иреттик саны.

ЭКИПАЖ *зат.* Кеменин, самолёттун, танктын ж. б. командасы, анда кызмат кылган адамдар.

ЭКОНОМИЗМ *зат.* Жумушчу табы өзүнүн экономикалык абалын жакшыртуу, чыңдоо үчүн гана күрөшүүгө милдеттүү, самодержавиеге каршы саясий күрөш жүргүзүүнү буржуазияга коюу керек деп эсептеген XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында орус социал-демократтык кыймылындагы оппортунисттик агым.

ЭКОНОМИКА *зат.* 1. *экон.* Белгилүү бир коомдук түзүлүштүн, коомдогу өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө ылайык келген өндүрүштүк мамилелеринин жалпы жыйындысы. *Социалисттик экономика. Капиталисттик экономика.*

2. Эл чарбасынын кандайдыр бир тармагынын абалы, түзүлүшү, уюштурулушу.

3. Эл чарбасынын материалдык, финансалык жактарын изилдей турган илим тармагы.

ЭКОНОМИКАЛЫК *сын.* Экономикага таандык.

ЭКОНОМИСТ *зат.* Экономика маселелери жана эл чарба маселеси боюнча адис.

ЭКОНОМИЯ *зат.* 1. Орду, ыгы менен расходдоо, жумшоо, үнөмдөө.

2. Орду, ыгы менен расходдоодон, жумшоодон арткан пайда.

ЭКРАН *зат.* Фильмдер, диапозитивдердин сүрөтү көрсөтүлүүчү ак полотно (же акталган стена).

ЭКСКАВАТОР *зат.* Топурак, кум, таш ж. б. өзү казып, өзү сузуп, транспортко жүктөөчү же бир жерден экинчи жерге сузуп төгүүчү машина. *Осмон экскаватордо күнү- түнү дебей мыкты иштегендиги үчүн сыйланды* (Сасыкбаев).

ЭКСКАВАТОРЧУ *зат.* Экскаватордо иштеген, аны башкарган адам.

ЭКСКУРСИЯ *зат.* Билим алуу, таанышуу, көңүл ачуу максаты менен кандайдыр бир мекемеге, ишканага, ар кандай жерлерге коллективдүү түрдө баруу. *Баштапгыч мектептин окуучулары экскурсияга барышты.*

ЭКСПАНСИОНИЗМ *зат.* Экспансиянын агрессивдүү саясаты.

ЭКСПАНСИЯ *саяс.* Өзүнүн саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу аркылуу башка территорияларды жана рынокторду күч менен басып алуучу империалисттик агрессивдүү саясат.

ЭКСПЕДИТОР *зат.* Товарларды, газета-журналдарды ж. б. туш-туш жакка жөнөтүп жана кабыл алып туруучу кызматчы.

ЭКСПЕДИЦИЯ *зат.* Белгилүү максат менен бир жакка жиберилген изилдөөчүлөр, байкоочулар тобу, алардын сая-

каты, жүрүшү. *Диалектологиялык экспедиция. Геологдордун экспедициясы. Полярдык экспедиция.*

ЭКСПЕРИМЕНТ *зат.* 1. Илимий максатта жүргүзүлгөн тажрыйба. *Ал дарылар айбандарга эксперимент жасоодон өттү* («Ленинчил жаш»).

2. Тажрыйба, байкоо жасап көрүү, сынап көрүү. *Мына ушул эксперимент менен космоско дайыма учуу үчүн адамзат практикалык биринчи кадамды шилтеди* («Советтик Кыргызстан»).

ЭКСПЕРТ *зат.* Талаш, татаал иш жана маселе боюнча экспертиза жүргүзүп, пикир айтуучу, жыйынтык чыгаруучу адис.

ЭКСПЕРТИЗА *зат.* Кандайдыр бир иштен, маселеден туура корутунду, жыйынтык чыгаруу максатында жүргүзүлгөн текшерүү, кароо.

ЭКСПЛУАТАТОР *зат.* Эмгекчилерди эзип, алардын эмгегинен табылган пайданы өзүнө олжолоп алуучу, эзүүчү.

ЭКСПЛУАТАЦИЯ *зат.* 1. Өндүрүштө жалданып иштеген эмгекчи массанын эмгеги аркылуу өндүрүлгөн продуктыларды, бардык материалдык байлыктарды жеке менчиктин негизинде өзүнө олжолоп алуу, бирөөнүн эмгеги менен пайда көрүү жолу.

2. Кандайдыр бир машинаны, темир жолду, курулушту ж. б. өндүрүшкө кийирүү, андан пайдалануу, иштетүү. *Биринчи беш жылдыкта Фрунзе шаарындагы тегирмен комбинаты курулуп, эксплуатацияга берилди* («Коммунист»).

ЭКСПЛУАТАЦИЯЛА *этиш.* Эксплуатация кылуу, бирөөнүн эмгегинен пайдаланып эзүү.

ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО эксплуатацияла этишинин кыймыл атоочу.

ЭКСПОНАТ *зат.* Музейде, көргөзмөдө ж. б. көрүүчүлөр үчүн көрүнөө жерге коюлган нерсе. *Физика жана зоология кабинеттери жаңы аспаптар, экспонаттар менен толукталган* (Сыдыкбеков).

ЭКСПОРТ *зат.* Сатуу үчүн чет мамлекетке товар чыгаруу.

ЭКСПОРТТО *этиш.* Экспорт кылуу.

ЭКСПОРТТУК *сын.* Экспортко таандык.

ЭКСПРЕСС *зат.* Көбүнчө алыс жерлерге ылдам, тез жүрүүчү пассажирдик поезд, пароход, автобус ж. б.

ЭКСПРОМТ *зат.* Алдын ала даярдыксыз бир шилтем менен жазылган, көбүнчө тамаша, сатиралык мүнөздө болгон кыска ырлар. *Аалынын экспромттору.*

ЭКСПРОПРИАТОР *зат.* Экспроприация кылуучу, экспроприация жүргүзүүчү.

ЭКСПРОПРИАЦИЯ *зат.* Өндүрүш каражаттарынан, мал-мүлкүнөн ж. б. баш тартууга аргасыз кылуу; күч менен тартып алуу.

ЭКСТЕРН *зат.* Окуу жайында атайылап окубастан, өзүнчө даярдануу менен кандайдыр бир окуу жайынын окуу программасы боюнча экзамендерден өтүүчү.

ЭКСТЕРНАТ *зат.* Өзүнчө даярданып, жогорку окуу жайларында экзамендерден өтүү системасы.

ЭКТИР эк этишинин аркылуу мамилеси.

ЭКЧЕ *этиш.* Силкүү; калчоо, чайкоо; силкилдетүү. *Эгинди калбырга салып экчеп элөө. Машина экчей берген сайын кысылып отурган кишилердин арасы да бошой түштү* (Сыдыкбеков).

ЭКЧЕЛ экче этишинин туюк мамилеси.

ЭКЧӨӨ экче этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛ *зат.* 1. Мамлекеттин, өлкөнүн калайык калкы. *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул).

2. Улут, белгилүү бир тилде сүйлөгөн калк. *Кыргыз эли ар тараптан гүлдөп өсүүдө. Элдерди мактап өзүңдү* [кыргызды] *Алардын кылба кийини* (Сарногоев).

3. Өлкөнүн негизги массасы (таптык коомдо бийлик жүргүзүүчү таптын эзүүсүндө болгон калк). *Эмгекчи эл.*

4. Адам, киши. *Эл жокто сүйлөшөлү деп, конторунан чыгып кетти* («Советтик Кыргызстан»).

◆ **Эл болуу** — тилектеш, ынтымактуу болуу, касташпоо. *Эл бол десем эл болдуң, Эгер жок менин арманым* («Курманбек»). **Эл эмес** — жоо, каршы, душман. *Шыгайдын уулу Чынкожо, Семетей сага эл эмес* («Семетей»). **Элден мурда** *же* **эл асты болуп** — эң мурда, адегенде. *Элден мурда бул ишти бүтүрө коёлу, анан жай сүйлөшөлү* («Ала-Тоо»). *Эл асты болуп биз келиптирбиз* («Советтик Кыргызстан»). **Эл кайда көчөт** — майда-майда темгил тактары бар кызыл, сары түстүү кичинекей коңуз.

ЭЛГЕ эле II менен бирдей.

ЭЛГЕК элек I менен бирдей.

ЭЛДЕШ *этиш.* Жоолашкан, касташып, урушуп калган боюнча жүрбөй, өз ара таарынычын жазып, эл болуу, жарашуу, ынтымакка келүү. *Биз дүйнөдө жокту курабыз, Ким элдешсе, мээрим колду сунабыз* (Аалы).

ЭЛДЕШТИР элдеш этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛДЕШҮҮ элдеш этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛДИК *сын.* Элге, эмгекчи калкка таандык, элдин кызыкчылыгын көздөгөн. *Нагыз элдик обон менен ырдады* (Сыдыкбеков). *Элдик оозеки чыгарма. Элдик армия. Элдик контроль.*

ЭЛДҮҮ *сын.* Эли, журту, ата мекени бар. *Элдүү киши чоң экен, Элинен азган кор экен* («Манас»).

◆ **Элдүү пункт** *к.* **пункт.**

ЭЛЕ I *этиш.* 1. Электи же калбырды экчеп, ун-талканды,эгинди ж. б. кебегинен тазалоо, ажыратуу, бөлүү; иргөө. *Ун элеп жатат. Кум эледи. Калбырга буудайды элей кой.*

2. Өйдө ыргытылган же ыргыган нерсени (мис., чикитти, топту) жерге түшүрбөй тосуп алуу; ургулап саноо. *Балдар чикит ойнор алдында элешип, ким көп элесе,ошонусу оюнду баштачу* (Мидин).

ЭЛЕ II *этиш.* Негизги этиш менен же башка атооч сөздөр менен кошо айтылуучу

көмөкчү этиш. *Барган элем. Келген эле. Айланайын Күлүсүн, Медер эле жүрүшүң* (Калык).

ЭЛЕ II *бөл.* Башка сөздөр менен айкалышып, чектөө маанисинде колдонулат. *Үч эле күн илгери өзү кеткен* (Сыдыкбеков).

ЭЛЕВАТОР *зат.* 1. Эгин топтоочу пункттарда, темир жол станцияларында, порттордо ж. б. жерлерде кургатуу, тазалоо, жүктөө сыяктуу иштерди кошо аткарууга ылайыкталып курулган ири эгин сактагыч жай.

2. Жүктү бир жерден экинчи бир жерге көтөрүүчү, ташып салуучу техникалык түзүлүш.

ЭЛЕГИЯ *зат. ад.* 1. Санаалуу, капалуу кыял менен жазылган, чыгарылган лирикалык ыр.

2. *муз.* Санаалуу, кайгылуу ойго салып, муңканууу сезимин туудуруучу музыкалык чыгарма.

ЭЛЕЙ *этиш.* Таңыркап, селейип, таң калып кароо, түруп калуу. *Коркком экидей элейип токтой калды* (Сыдыкбеков).

ЭЛЕЙҮҮ элей этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛЕК I *зат.* Эң майда нерселерди (мис., ун, талканды) элөө, суюктуктарды чыпкалоо үчүн көбүнчө кылдан, ичке сымдан токулган, тегерек алкагы бар үй буюму. *Унду элек менен элеп жатты.*

◆ **Электен өтүү** — сыноодон, текшерүүдөн, кыйынчылыктардан өтүү. *Сасыкбай далай электен өткөн киши* (Байтемиров).

ЭЛЕК II *бөл.* Этиш сөзгө кошулуп айтылып, иштин али чечилбегендигин, кыймыл аракеттин толук аяктала электигин көрсөтүү үчүн колдонулат. *Кыпчактардын Солтобай, Кыз ала элек кайындап* («Олжобай менен Қишимжан). *Ал бара элек. Иш бүтө элек.*

ЭЛЕКТР *зат.* 1. Материянын бөлүкчөлөрүнүн (электрондордун, позитрондордун) кыймылынан пайда болгон энергиянын бир формасы, кубаты, күчү. *Электр тогу. Электр заряды.*

2. Ушундай энергиянын эл чарбасында, үй тиричилигинде колдонулган бир формасы. *Ал жерде электр балбылдап күйүп, чар тарапка нурун чачты* (Турусбеков).

3. Ушундай энергиядан алынган жарык.

ЭЛЕКТРИК *зат.* 1. Электротехник. *Тамара электрик уста эмес* (Бөкөнбаев).

2. Электротехника жагында, электр өнөр жайында иштеген спецналист.

ЭЛЕКТРИЧКА *зат. сүйл.* Электр темир жолу жана ошол жол менен жүрүүчү поезд.

ЭЛЕКТРИФИКАЦИЯ электрлештирүү менен бирдей.

ЭЛЕКТРЛЕШ *этиш.* Электр энергиясын өткөрүү, аны чарбачылыкка, үй тиричилигине киргизүү, жабдуу, кеңири жайылтуу.

ЭЛЕКТРЛЕШТИР электрлеш этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛЕКТРЛЕШТИРҮҮ электрлештир этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛЕКТРЛҮҮ *сын.* 1. Электр энергиясы бар, электр менен жабдылган, электрлештирилген.

2. Электр жарыгы бар. *Кошулдук, турмуш болду, өттү күндөр, Бак ичи электрлүү—шаңдуу түндөр* (Маликов).

ЭЛЕКТРОВОЗ *зат.* Электр энергиясы менен жүрүүчү, кыймылга келүүчү локомотив.

ЭЛЕКТРОМАШИНА *зат.* Электр энергиясын иштеп чыгуучу же аны механикалык энергияга айландыруучу машина.

ЭЛЕКТРОМЕХАНИК *зат.* Электромеханика боюнча адис, специалист.

ЭЛЕКТРОМЕХАНИКА *зат.* Электр энергиясы менен иштөөчү электр кыймылдаткычтарын, электр машиналарын, механизмдерин куруу жана эксплуатациялоо иштерин жүргүзүүчү электротехниканын бөлүмү.

ЭЛЕКТРОМОНТЁР *зат.* Ар кандай электр приборлорун, жабдууларын, шаймандарын орнотуучу, оңдоочу монтёр, адис.

ЭЛЕКТРОН *зат.* Заттын терс электр заряды бар эң кичине элементардык бөлүкчөсү.

ЭЛЕКТРОНИКА *зат.* Электрон процесстери жана ошондой эле электрондук жабдуулар жөнүндөгү физиканын атайын бөлүмү.

ЭЛЕКТРОПОЕЗД *зат.* Электр энергиясы менен жүрүүчү поезд.

ЭЛЕКТРОПРИБОР *зат.* Электр энергиясы менен иштетилүүчү прибор.

ЭЛЕКТРОСТАНЦИЯ *зат.* Электр энергиясын иштеп чыгаруучу станция. *Бизде биринчи жолу өнөр жайында колдонулуучу атомдук электростанция курулду* («Жаш ленинчи»).

ЭЛЕКТРОТЕХНИК *зат.* Электротехника боюнча специалист.

ЭЛЕКТРОТЕХНИКА *зат.* Электр энергиясын практикалык максаттарга колдонуу, пайдалануу жөнүндөгү илим жана электр энергиясын практикалык максаттарга ылайык пайдалануу техникасынын бир тармагы.

ЭЛЕКЧИ *зат.* Элек жасоочу киши. *Эки жыгач боорунан эптеп алган элекчи* (Токтогул).

ЭЛЕМЕНТ *зат.* 1. Бир нерсенин составдык бөлүгү, жагы. *Фольклордун да бизге керектүү элементи бар* («Советтик Кыргызстан»).

2. *хим.* Химиялык жөнөкөй жол менен составдык бөлүккө ажырабай турган жөнөкөй зат. *Элементтердин мезгилдик системасы.*

3. *саяс.* Кандайдыр бир коомдук чөйрөнүн өкүлү. *Реакциячыл элементтер, байлар менен мананаптар театрга кастык кылды* («Советтик Кыргызстан»). *Партия өзүн оппортунисттик элементтерден тазалап тургандыгы менен чыңдалат* («Коммунист»).

4. *физ.* Электр тогун алууга колдонулуучу прибор.

ЭЛЕҢДЕ *этиш.* Чочугандай, корккондой же шектенгендей түр менен алактоо,

аландап кароо. *Батыштын чый-пыйы чыгып, Элеңдеп жол жакты карайт* (Байтемиров). *Дайым жүрөт жашынып, Эки жакка элеңдеп* (Тоголок Молдо).

ЭЛЕҢДЕТ элеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛЕҢДӨӨ элеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛЕС *зат.* Кандайдыр бир нерсенин, окуянын, иштин ж. б. сөлөкөтү, көз алдыга тартылган, ой аркылуу чагылган көрүнүш; образ. *Элестериң эстен кетпейт, Кашка суу, жашыл бакчаң, салкын абаң* (Осмонов). *Жолдон чыккан жылан Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков).

◆ **Элес кылбоо** — байкас кылбоо; оюна албоо, көңүлгө албоо. *Эне сөзүн Үмөтбек Элес кылып койгон жок* («Семетей»). **Элес-булас** — ачык эмес, даана эмес; күңүрт, билипер-билинбес. *Элес-булас бир караан Эми Жакып көрүптүр* («Манас»).

ЭЛЕСТЕ *этиш.* Бир нерсенин элесин ойго, көз алдыга тартылтуу, көз алдыга келтирүү, эске түшүрүү. *Каныбек атасы Сансыздын таяк жеп келип өлгөнүн элестеди* (Жантөшев).

ЭЛЕСТЕТ элесте этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛЕСТӨӨ элесте этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛЕСТҮҮ *сын.* Образдуу. *Аалы Токомбаевдин чыгармаларынын элестүү, көркөм болушу анын жетишкендиги* («Ленинчил жаш»).

ЭЛЕТ *зат.* Шаардан алыс, четте, көчмөн, отурукташпаган жер; анын калкы. *Эжигей, быштак, куруту, Элет көчмөн турмушу, Каймак майы карында, Касиети жанында* (Тоголок Молдо). *Анда олтургандар элеттен шаарга окууга баратканжаштар болсо керек эле* (Сыдыкбеков).

ЭЛЕТТИК *зат.* Элетте жашаган; элетке таандык. *Мыскалдын кийгендери элеттик үлгүдө эмес* (Сыдыкбеков). *Эшөөбуз бирдей элеттик Талашып талкан жеп өстүк* (Сарногоев).

ЭЛЕЧЕК *зат.* Аялдардын чак кездемеден тегерете кат-кат кылып оролгон баш кийими. *Ак байбиче Чыйырды "Ак элечек оронуп* («Манас»). *Сыя эне да элечегин алып, кеп такыясын ээгинен чалып жеңилденди* (Бейшеналиев).

◆ **Каз элечек** — эң чоң элечек. *Каз элечек кийген келиндер, кундуз кийген, шөкүлө кийген кыздар жаш талдай буралып, жайнап чыга келди* («САЖИ»). *Каз элечек мен элем, Кармаган эрим сен элең* (Тоголок Молдо). **Элечек ачы** — күйөөнүн кайын энесине (кыздын энесине) берген белеги.

ЭЛЖИРЕ *этиш.* Ичи эзиле жакшы көрүү; мээримдүү мамиле кылуу. *Элжиресин эт жүрөк, Бийик чыгар добушту* (Үмөталиев). *Айдай эс тартканы атасы мынчалык элжиреп сүйгөн эмес* (Канмов).

ЭЛИ *зат.* Сөөмөй, ортон ж. б. манжалардын жоондугундай, эниндей болгон өлчөм. *Согумдун казысы төрт эли чыгыптыр* (Мидин).

ЭЛИК *зат.* Ача туяктуу, артында таңы бар, буту-колу ичке, сындуу кийиктин бир түрү. *Бугусу кирип чакырган, Элиги черде бакырган* (Токтогул).

ЭЛИКТЕ I *этиш.* Элик уулоо, элик атууга чыгуу. *Мылтыгын асынып, карагайлуу черди аралап эликтеп чыкты* («Советтик Кыргызстан»).

ЭЛИКТЕ II *этиш.* Туурап, бетибашын кыйшандатып шылдындоо, жактырбоо, мыскылдоо. *Эликтеп, туурап мыскылдап, Башыңды неге иесиң* (Аалы). *Кыздын арсызды эликтеген шылдың күлкүсү эле* (Сыдыкбеков).

ЭЛИКТӨӨ эликте II этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛИР *этиш.* 1. Ээлигүү, жээлигүү; токтоно албоо, жулкунуу; чарчабоо. *Күлүк талбаган Сууган сайын элирген* (Үмөталиев). *Кой, Тору, элирбе, Тору жаман дедирбе* (Осмонов).

2. Шаттануу, кубануу, толкундоо. *Эл четине келгенде, Элиришке мен кызык* (Токтогул). *Элирбейт кимдин жүрөгү, Энеден белек барганда* (Маликов).

3. Элирмеси кармоо. *Оорулуу неме элирип кетти го* (Жантөшев).

4. Эсирүү, эсиркөө, шоктонуу, тентектенүү. *Жакшы кийсең, жаш балдар, Көйрөңдөнүп элирбе* (Токтогул). *Балалык кылып элирбе* (Осмонкул).

ЭЛИРТ элир этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛИРҮҮ элир этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛИРМЕ *зат.* Уктап жатканда бакыртып, кыйкыртып тынчын кетирүүчү, туруп бастыруучу оору. *Элирмеси бар, түн ичинде элирип кетет.*

ЭЛКИН *сын.* 1. Түгөйү жок, жалгыз, жеке, жалгыз өзү. *Энеден элкин сен элең Эркелеткен мен элем* (Мидин). *Эл ичинен эр чыктың, Элкин жолборс шер чыктың* («Эр Табылды»).

2. Ээн, бош, ээн-эркин. *Ээн калып Таласың, Элкин жерлер болгондур* («Манас»). *Басып адам келбеген Элкин экен жерлери* («Манас»).

ЭЛКИНДИК *зат.* Түгөйү жоктук, жуп эместик, жалгыздык, жекелик.

ЭЛИКСИР *зат.* Медицинада, косметикада колдонулуучу спирт, кислота кошулган суюктук.

ЭЛӨӨ эле этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛӨӨСҮЗ *сын.* Байкабастан, көңүл бурбастан, көңүл койбостон. *Элөөсүз өтүп кеттим.*

ЭЛПЕК *сын.* Ийкемдүү, бурган жакка кеткен, оозу жумшак (мис., жылкыга же башкарып, башын буруп жүрүүгө туура келген башка транспорттоо карата); дилгирлик менен аракеттенген, жеңил, шамдагай (мис., адамга карата), тил алгыч, кичи пейил. *Алдында минген жапалдаш кара кер ат мышыктай элпек жылкы экен* (Сыдыкбеков). *Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт* (Бейшеналиев). *Шофёр руляду элпек тегеретип, машинаны эркин башкарат* («Ала-Тоо»). — *Турмушуна, кыял-жоругуна, сөзүнө карагында элпек,*

тил алгыч, ак көңүл адам экен («Советтик Кыргызстан»).

ЭЛТЕҢДЕ *этиш.* Чочулаган же коркон тур менен эки жагын элеңдеп кароо, чочулаган, элеңдеген абалда болуу. *Динар эки жагына элтеңдеп, кээде бир тынымга токтой калат* (Сыдыкбеков).

ЭЛТЕҢДЕТ элтеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЛТЕҢДӨӨ элтеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЭЛҮҮ *сан.* 50 саны, эсеби. *Бул жетимдин атасы да кары эле, Эл ортону элүү жашта бар эле* (Аалы).

◆**Элүү башы** — 1) элүү аскердин башчысы. *Он башылар ороктоп, Элүү башы кожоктоп* («Манас»); 2) элүү түтүндү, үйдү башкарган адамдын мансабы, бийлиги жана ушундай бийликтеги адам. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген кор башы* (Токтогул).

ЭЛҮҮНЧҮ *сан.* Элүүнүн иреттик саны.

ЭЛЧИ *зат.* Бир тараптын экинчи бир тарап менен жарашуу, элдешүү, сүйлөшүү ж. б. иштерин жүргүзүүчү ишенимдүү адам, өкүл. *Элден тандап элчи алып* («Манас»).

ЭЛЧИЛИК *зат.* Элчинин милдети, элчинин милдетин аткаруучулук. *Мен элчимин, Элчиликке өлүм жок* («Эр Табылды»).

ЭМ I *зат.* Эски ишеним боюнча: ооруга жагуучу, аны айыктыруучу даба, амал, айла; анын каражаттары. *Эми түшүү. Оорунун эми табылбады.*

◆**Сөзү же айтканы эм болуу** — айтканы орундалуу; айтканы туура келүү, жакшы таасир кылуу, таасирин тийгизүү. *Күлчоронун айтканы Кимге болсо эм болду* («Семетей»).

ЭМ II *этиш.* Эмчек же упчу менен сүт соруу; тамактануу. *Көп эмсе, ичи көбөт, бош койсо, музоо чакадагы сүттү төгөт* (макал).

ЭМАЛЬ *зат.* 1. Металл буюмдардын ичисыртын чайкап, дат басуудан сактоо жана кооздоо үчүн колдонулган, катканда чыныдай жылмакай болуп калуучу сыр, зат.

2. Тиштин сырткы жылтырак кабыгы.

ЭМБЛЕМА *зат.* Кандайдыр бир идеяны билдирген символдук сүрөт, шарттуу белги. *Орок жана балка — СССРдин эмблемасы.*

ЭМГЕК I *зат.* Эмчектеги жаш баланын мандайы менен төбөсүнүн ортосундагы ката элек, былкылдап туруучу жери. *Сылап көрсө баланын, Былкылдап турат эмгеги* (Тоголок Молдо).

ЭМГЕК II *зат.* 1. Акыл-эстин, күч-кубаттын жумшалышы аркылуу белгилүү максатка ылайык жүргүзүлгөн иш аракети, жумуш, адамдын ишмердүүлүк сапатынын белгиси. *Эгин айдап мал багып, Эмгек кылчу жай келди* (Осмонкул). *Акыл эмгеги. Күч эмгеги.*

2. Жазылган, иштелген же басып чыгарылган чыгарма, изилдөө иши, китеп. *Коммунизмди куруу Маркс менен Энгельстин биринчи эмгектеринде эле белгиленген* («Коммунист»).

◆**Эмгек акы** — иштеген ишине, аткарган жумушуна ылайык төлөнүүчү акча, акы. *Эски убакта шахтерлор эмгек акыга да жарыган эмес* (Сасыкбаев). **Эмгек күн**— колхозчулардын эмгегин эсепке алуунун, колхоздун жалпы кирешесине алардын ар бири канчалык үлүшүн кошкондугун белгилөө единицасы. *Эмгек күнү эсептеп, Дептерлерге жазалык* (Турусбеков).

ЭМГЕКТЕ *этиш.* Төрт аяктап жылуу (буту баса элек балдарга карата). *Орусбек төрт аяктап эмгектеп жүрөт* (Сыдыкбеков).

ЭМГЕКТЕН *этиш.* Эмгек кылуу, иштөө, жумуш кылуу. *Эл алдында эмгектенген, тынбаган* (Нуркамал).

ЭМГЕКТЕНТ эмгектен этишинин аркылуу мамилеси.

ЭМГЕКТЕНҮҮ эмгектен этишинин кыймыл атоочу.

ЭМГЕКТЕШ *сын.* Бирге иштешкен, бирге эмгектенишкен, эмгеги бирге, биргелешип иштешкен. *Андрей бирге иштеген эмгектештеринин кучагынан ара бошонуп, трибунага жакындады* (Сасыкбаев).

ЭМГЕКЧИ *зат.* Өз эмгеги менен күн көргөн, эмгекти сүйгөн, эмгек кылган адам, жумушчу-дыйкан, эл массасынын өкүлү. *Эмгекчиге эрк бербей, Жетим менен жесирди Желмогуздар талайбы* (Токтогул). *Эмгекчилер бирик деп, Элге ураан таралган* (Тоголок Молдо).

ЭМГЕКЧИЛ *сын.* Эмгекти сүйгөн; өз эмгеги менен жашаган, эмгекти ардактаган. *Падышаны тактан кулаткан, Эркин берип колуна, Эмгекчил элин кубанткан* (Осмонкул).

ЭМГИЧЕ *такт.* Али, ушул убакка чейин, ушул кезге чейин, эмдигиче. *Атай эмгиче уктап жатабы?* (Бейшеналиев).

ЭМДЕ *этиш.* 1. Ооруга жагып, аны айыктырып кетүүгө тийиш деген түшүнүктөгү табыпчылык, дарымчылык амал-айлаларды колдонуу. *Эмчилер эмдеп, домчулар домдоп, оорунү айыктырууга аракеттенишет* (Жантөшев).

2. Чечекке ж. б. ооруларга каршы алдын ала дарылоо, эм кылуу. *Балдарды чечекке каршы эмдеди* (Аалы).

◆ **Эмдеп-домдоп коюу** — уруп коюу, токмоктоо. *Жан алгычтар эмдеп-домдоп коюшту..* (Аалы).

ЭМДЕТ эмде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭМДИ: кысыр эмди — энесин кысыр калгандан кийин да эмп жүргөн же эки эне эмген тай же торпок. *Эки энени тел эмген Кысыр эмди тайды сой* (Барпы).

ЭМДИГЕ *такт.* Ушу кезге чейин, ушул убакка чейин, алигиче. *Кубандын жалыкдуу сөзү эмдиге эсимде* («Советтик Кыргызстан»).

ЭМДИГИ *такт.* 1. Азыркы, ушул кездеги, ушул замандагы. *Эмдигинин балдары бара-бара балыкка тил киргизеби деп корком* (Сыдыкбеков).

2. Келерки, соңку, кийинки. *Эмдиги жылы айталы Эстеги сөздүн калганын* (Маликов).

ЭМДИГИЧЕ эмгиче менен бирдей.

ЭМДӨӨ эмде этишинин кыймыл атоочу.

ЭМЕРЕК *зат.* Жууркан-төшөк, идиш-аяк ж. б. сыяктуу уй буюмдары, үйдүн жасалгалары, мүлк. *Үйдөгү эмеректер өзү иреттеп кеткен калыбында* («Ала-Тоо»). *Анархандын эмерегин эки бөлүп көтөрүштү* (Жантөшев).

ЭМЕС *мод.* Терс маанини, тануу билдирүү үчүн колдонулат. *Чал эмес, дудук эмес, Жигит экен* (Үмөталиев).

ЭМЕСЕ *байл.* Андай болсо, андай болгондон кийин деген маанидеги сөз. *Эмесе газета, китеп окуп берип, ата-энелерибизди караңгычылыктын залдарынан куткарыш керек* (Сыдыкбеков).

ЭМИ *такт.* Азыр, азыр эле, азыркы убакта. *Эшикке чыгам элеңдеп, Эми жарым келет деп* (Тоголок Молдо). *Капа болбо, баатыр деп,— Калыстык сөзүн эми айтты* («Эр Табылды»). *Карабек эми чечилип сүйлөй баштады* (Каимов).

ЭМИГРАНТ *зат.* Эмиграцияда жүргөн киши.

ЭМИГРАЦИЯ *зат.* Түрдүү себептерден улам өз ата мекенин таштап, аргасыздан же өз эркы менен башка өлкөгө өтүп кетүүчүлүк.

ЭМИЗ эм этишинин аркылуу мамилеси.

◆**Тил эмизүү** — үмүтүн үздүрбөй алдап коюу, куру бекер үмүткөр кылып, көпкө создуктура берүү. *Барамын деп Өскөнбай тил эмизип койгон го, келем десе, келип калат эле* (Таштемиров).

ЭМИР *зат.* Чыгыштагы кээ бир мусулман өлкөлөрүнүн башкаруучуларынын бийлик жүргүзүүчү өкүлдөрүнүн титулу. *Бухара эмири.*

ЭМИТЕН *такт.* Азыртадан, ушу кезден, башталышынан тарта. *Капырай, эмитен ушунча суук болобу* («СоветтикКыргызстан»). *Кышка эмитен камынгыла.*

ЭМКИ *такт.* 1. Азыркы, ушул кездеги, азыркы убактагы. *Баштагынын жакшысы болсоң, эмкинин карысы болорсуң* (макал). *Эркинче элим дүйлаган, Эмки түрмуш сонун да* (Осмонкул).

2. Келерки, кезектеги, кийинки. *Силер эмки бейшембиде келгиле* (Жантөшев).

ЭМНЕ *ат.* 1. Адамдан башка бардык жандуу, жансыз заттарга берилип, аларды аныктоо, себебин, жөн-жайын, абалын билүү үчүн колдонула турган суроо. *— Эй колхоздун бакчысы, Бай бакчаңда эмнең бар?* (Осмонов). *Ой, Зарыл, эмне эле ойлонуп калгансың?* (Сыдыкбеков).

2. Чакырган кишиге жооп иретинде кайрылуу үчүн колдонулат.

— Айгүл, кайдасың?

— Эмне? Мындамын.

◆**Алда эмне** — алда кандай, ар түрдүү, күтүлбөгөн, кокусунан, пайда боло калган. *Арстан Манас баатырдын Алда эмне сөзү бар* («Манас»).

ЭМНЕГЕДИР *ат.* Себеби, жөн-жайы ачык эмес ишке, ар кандай күдүк окуяларга ж. б. карата колдонулат. *Андрей эмнегедир күнөм санап туруп калды* (Байтемиров). *Көчөттөрдү отургузуп бүткөн соң, мен эмнегедир дөбөгө чыктым* (Сыдыкбеков).

ЭМНЕЛИКТЕН *такт.* Эмне себептен, кандай себепке байланыштуу, кандайча.

ЭМОЦИЯ *зат.* Кубануу, кайгыруу сезими.

ЭМПИРИЗМ *зат.* Жаратылышты таануунун сезим түшүнүгүн, тажрыйбаны гана жаратылышты таануунун бирден бир булагы катары эсептеп, теориялык жалпылоого жана логикалык ой жүргүзүүгө жеткире баа бербеген же аны танган философиялык агым.

ЭМПИРИК *зат.* Эмпиризмди жактоочу.

ЭМПИРИОКРИТИК *зат.* Эмпириокритицизмди жактоочу.

ЭМПИРИОКРИТИЦИЗМ *зат.* Материалдык дүйнөнүн объективдүү жашашын танып, аны сезүүнүн бирикмесинин өзү, аң-сезимдик кубулуш катары караган, XIX кылымдын акырында пайда болгон реакциячыл философиядагы субъективдүү-идеалисттик агым.

ЭМУЛЬСИЯ *зат.* 1. Бири-бирине аралаштырганда эрибей турган эки башка суюктуктун бир түрү экинчисине майда-майда тамчы түрүндө кошулган аралашма.

2. Фотопластинкалардын, фото кагаздардын жарыкты тез сезүүчү үстүнкү катмары.

ЭМҮҮ эм этишинин кыймыл атоочу.

ЭМЧЕК *зат.* 1. Сүт эмүүчү ургаачы жыныстагы жаныбарлардын, аялдардын сүт чогула турган жана аны балдарына эмизип тамактандыра турган бөлүгү. *Бала ыйламайынча эмчек кайда* (макал). *Уйлардын эмчектери жер чийип, май күйган койдун мөөнүндөй тасыраят* (Үмөталиев).

2. *өт.* Бир нерсенин урчуктуу келген кичинекей бөлүгү, урчугу (мис., аттын такасынын).

◆**Бээ эмчек** *к.* бээ.

ЭМЧЕКТЕШ *сын.* Бир эненин эмчегин эмген. *Элдияр, Эрмек баатырлар Эмчектеш болгон жолборсум* («Эр Табылды»).

ЭМЧЕКТҮҮ *сын.* 1. Эмчеги бар. *Сүйүнчүңө төө берем, Сүйрү эмчектүү бээ берем* («Эр Табылды»).

2. Эмчек эмген жаш баласы бар, жаш балалуу. *Жакында эркек төрөдү эле, эмчектүү неме келе албайт го.*

3. *өт.* Эмчек сыяктуу урчугу бар, урчуктуу. *Кер кашка дагы обдулуп секирди эле, Үч эмчектүү такасы жерге бата түштү* (Таштемиров).

ЭМЧИ *зат.* Ооруну эскиче ырым-жырым, дуба ж. б. менен эмдөөчү, табып, дарыкер. *Эмчи-домчу, күзүчү, Мекир билет экен деп, Ооруган эл зарылчу* (Тоголок Молдо).

ЭН I *зат.* Жазылык, жалпак нерсенин туурасы, эки каптал жагынын аралыгы. *Эни кулач төш жары* («Манас»).

ЭН II *зат.* Малдын кулагына тааныу, ажыратуу үчүн бычак менен ар түрдүү формада салынган белги. *Кулагында энтамгасы жок, өзү ак кула ат эле* (Жантөшев). *Малга эн салуу.*

◆**Солок же бакан эн** — кулактын учуна жаңырган айдай же бакандын ачасындай

формада салынган эн. **Шара тилик** *же* **жара тилик эн** — кулагынын учун тең экиге бөлүп, узатасынан түз кеткен эн. **Ойдук** *же* **оюк эн** — тегерек формада оюп салынган эн.

ЭН III *зат.* Кулакты тегерете же кулактын көнчөгүнө түшкөн, суу чыгып туруучу жара. *Уулумун кулагына эн түшүптүр.*

ЭН IV *зат.* Эркектик урук без.

ЭНДЕ *этиш.* 1. Кездемени энинен, туурасынан ченөө, өлчөө, энин метрге салуу.

2. Кийим-кечени же башка кездеме буюмдарын керип-чоюп бырышын жазуу, таптоо. *Ак жоолугум эндедим.*

ЭНДЕЙ *сын.* Туташ, жалпы; эни боюнча. *Товарды эндей сатып алабыз* («Ленинчил жаш»). *Эндей көйнөк.*

ЭНДЕКЕЙ *сын.* 1. Өз бетинче, бирикпей, ар ким өз каалаганындай. *Эндекей жүрбөй ушинтип, Бир чоң ынтымак кылалы* («Манас»).

2. Иленди; боюна, оокатка карабаган, тыкан эмес. *Эндекей жүрө берип үй-оокаттан ажырадым. Эркин тоо арасында эндекей жүрө берген экемин.*

ЭНДИ эми менен бирдей.

ЭНДИК *зат.* 1. Кулгун түстөгү жалбырагы бар жайлоодо өсүүчү өсүмдүк. *Эндик казып талаада, Кыздар жүргөн турбайбы* (Бөкөнбаев).

2. Ушул өсүмдүктөн майга ачытып, көбүнчө бетке сыйпоо үчүн жасалган кызыл түстүү боёк. *Аялдын кашында осмо, көзүндө сурма, бетинде эндик менен упа бар* (Абдукаримов).

ЭНДИРЕ *этиш.* Башы айлануу, көңүлү каранғылоо. *Тагай экинчи жолу чапканда көзүм караңгылап, эндирей түштүм* (Абдукаримов).

ЭНДҮҮ *зат.* Туурасы кең, эни чоң, жазы. *Эшик эндүү ай балта, Канжыгага байлаптыр* («Манас»). *Эндүү кездеме.*

ЭНЕ *зат.* 1. Баланы төрөгөн жана тарбиялап өстүргөн апасы, аял (баласына карата). *Ак сүтүн берип өстүргөн, Ардактуу биздин энелер* (Бөкөнбаев). *Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт* (макал).

2. Төлдөгөн, тууган ургаачы жаныбар. *Торпок да сүйөт энесин* (Шүкүрбеков). *Энеси менен кошо оттоп, Ээлигип кулун секирди* (Мидин).

3. Төрөгөн апасына, аялга жана өзүнөн улуу, улгайган аялдарга, кемпирлерге айтылуучу сөз. *Жолдо кетип бара жаткан кемпирди көрүп Каныбек: — Эне, кандай баратасыз? — деди* (Жантөшев).

◆**Энеден туума** *к.* **туума. Чоң эне** — 1) атасынын апасы. *Мен да чоңойгондо чоң энем менен чоң атамды сөзсүз багам* (Жантөшев); 2) улгайып калган аялдарга, кемпирлерге айтылуучу сөз. *Чоң эне, эмне кылып жатасыз? — деди жолдон учураган чоочун кемпирге.*

ЭНЕЛЕШ *сын.* Бир энеден туулган, энелери бир. *Энелештен эгизим, Эч өөнү жок тегизим* («Курманбек»). *Алымкул энелеш агасынын колунда калат* («Советтик Кыргызстан»).

ЭНЕЛИК *сын.* Энеге таандык. *Чын энелик эрдигиңе багынып, Келчи, энеке, маңдайыңан өбөйүн* (Осмонов).

ЭНЕЛҮҮ *сын.* Энеси бар. *Кирип келсе энелүү кыз Өксөп жатат бүгүлүп* (Аалы). *Энелүү жетим — эрке жетим* (макал).

ЭНЕРГЕТИК *зат.* Энергетика боюнча специалист.

ЭНЕРГЕТИКА *зат.* 1. Энергиянын касиетин текшерүүчү физиканын бир бөлүмү.

2. Энергиянын ар кандай түрлөрүн иштеп чыгаруучу жана аны пайдалануучу техниканын бир тармагы.

ЭНЕРГЕТИКАЛЫК *сын.* Энергетикага таандык.

ЭНЕРГИЯ *зат.* 1. Материянын негизги касиеттеринин бири — анын кыймылынын өлчөмү, материянын кыймылынын запасы (жылуулук, жарык, электричество, механикалык кыймыл ж. б. түрүндөгү). *Атом энергиясы. Күн — энергиянын түгөнгүс булагы.*

2. Кандайдыр бир телонун, заттын ж. б. белгилүү бир ишти аткарууга, бир нерсе өндүрүүгө болгон жөндөмдүүлүгү же ошого жумшалган күчтүн булагы катары жарай алышы. *Аккумулятордун энергиясы.*

3. Адамдын аракетинин иштиктүүлүгү, туруктуулугу, чечкиндүүлүгү.

ЭНТЕЛЕ *этиш.* Абдан шашкалактап энтигүү, чый-пыйы чыгуу. *Абаз энтелеңдеп үйгө кирип келгенде, үйдөгүлөр аңтаң болушуп, аны тиктеп калышты* (Турусбеков). *Энтелеңдеп дүрбөшүп, Алапайын табалбай* («Манас»).

ЭНТЕЛЕТ энтеле этишинин аркылуу мамилеси.

ЭНТЕЛӨӨ энтеле этишинин кыймыл атоочу.

ЭНТЕҢДЕ *этиш.* Шашкалактоо, карбаластоо, энтеңдөө, шашылып энтигүү.

ЭНТЕҢДЕТ энтеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭНТИГҮҮ энтик этишинин кыймыл атоочу.

ЭНТИК *этиш.* Өпкөсү көөп араң дем алуу, деми кысылып күйүгүү; оор дем алуу. *Чуркоодон күйүккөн Мамбеткул энтигип, ийини менен дем алат* (Канмов).

ЭНТИКТИР энтик этишинин аркылуу мамилеси.

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ *зат.* Бардык билимдерден же билимдин айрым бир тармагынан илимий маалымат берүүчү сөздүк формасында түзүлгөн справочник.

ЭНЧИ *зат.* Бирөөгө тиешелүү үлүш; менчигинде кала турган мал-мүлк, байлык. *Алмамбет балам үгүп тур, Өзүмдүн көзүм барында Энчиңди сенин бөлөмүн* («Манас»). *Айылын бөлөк кондуруп, Төрт түлүктүү малынан Энчисин бөлүп бериптир* (Тоголок Молдо).

ЭНЧИКТЕ энчиле менен бирдей.

ЭНЧИЛЕ *этиш.* **Энчисин, өзүнө тиешелүү мал-мүлкүн, оокатын бөлүү; арноо.** *Эркек болсо кулунду, Энчилейин балама* («Манас»). *— Бул атты сага энчилеп койгом* (Каимов).

ЭНЧИЛЕТ **энчиле** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭНЧИЛЕШ *сын.* 1. Энчиси бар, энчиси бирге. *Ага менен ини ата мүлкүнө энчилеш болот эмеспи* (Бейшеналиев).

2. Ортоктош, ырыскылаш. *Эшен менен энчилеш Калпа болот дечү эле* (Токтогул). *Шакирттери устанын тамагына энчилеш болгону жакшы* (Бейшеналиев).

ЭНЧИЛӨӨ **энчиле** этишинин кыймыл атоочу.

ЭНЧИЛҮҮ *сын.* Энчиленген, арналган, бирөөнүн энчисине бөлүнгөн, бирөөгө таандык. — *Бул атты сага энчилеп койгом, энчилүү малды сураган кишиге берүүгө болбойт* (Қаимов).

ЭҢ I *бөл.* Күчөтүү, күчөтө сүйлөө үчүн колдонулат. *Эң сулуусу тогуздун* («Эр Төштүк»). *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул).

ЭҢ II *этиш.* 1. Ат үстүнөн эңкейип жерде жаткан нерсени илип алуу, илип кетүү, учуп баратып илип кетүү (алгыр куштарга карата). *Ат үстүнөн баратып, Тыйын эңет кыздар ай* (Осмонов). *Жерде жаткан беш тыйындыкты эңип кетти. Эңкейиште экинчи Эңип алды буудайык.*

2. Эңиште бири-бирин аттан оодаруу, аттан түшүрүү. *Семетей Чынкожону эңет.*

ЭҢГИ: эңги-деңги болуу — башы айлануу, тегеренүү; мас болуу. *Алайдын кымызы эңги-деңги кыла баштады* (Абдукаримов).

ЭҢГИЛЧЕК *зат.* Нымдуу таштарда, жерде тамырсыз, гүлү жок өскөн, ар кандай боёк даярдалуучу өсүмдүк. *Эңгилчек баскан жер.*

ЭҢГИРЕ *этиш.* 1. Зарланып ыйлоо, үнүн баспай зар какшоо. *Үкүдөй жүнү үрпөйүп, Эңгиреп энең зарланды* (Токтогул).

2. Эч ким жок, ээн-эркин, бош болуу. *Үйдүн ичи эңгиреп ээн* (Бейшеналиев).

ЭҢИРЕЙ *этиш.* Таноосун көптүрүү, таноосун көптүрө элирейип кароо (чолок мурундуу, таноосу кыска адамга карата). *Ашым эңирейип токтой калды* (Сыдыкбеков).

ЭҢИРЕҢЕЙ *сын.* Эңирейген, таноосу чолок.

ЭҢИРЕҢДЕ *этиш.* Чолок мурдун көтөрүп, таноосун көптүрүп ээлигүү, жулкунуу; көтөрүлүп сүйлөө. *Тоту эңиреңдеп сүйлөй баштады* (Жантөшев).

ЭҢИРЕҢДӨӨ **эңиреңде** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢИШ I *зат.* 1. Эңкейиш, ылдый жер; бөксө, боор. *Эңишке аккан суу* (Қаимов). *Эңишке келгенде эс ала түшүп, өрөө келгенде артына шыпырылып кетем* (Элебаев). *Мергенчи көрдүк эңиштен* («Эр Табылды»).

2. Эңкейиш, бүкүр. *Далысы эңиш, арык чырай киши экен* (Элебаев).

ЭҢИШ II *зат.* Эки балбан ат үстүнөн бири-бирин оодарышып күч сынашкан улуттук оюн, оодарыш. *Томпоюп аттан жыгылды, Эңишке түшкөн баласы* (Токтогул).

ЭҢИШ III *этиш.* Эңишке түшүп, бири-бирин эңүү, жеңүү үчүн кармашуу.

ЭҢИШТЕ *этиш.* Эңишти, эңиш жерди карай ылдыйлап басуу, түшүү, ылдыйлоо, төмөндөө. *Эңиштеп төмөн түшүпмүн, Өзүм да муну байкабайм* (Сарногоев).

ЭҢИШТИР **эңиш** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭҢИШТӨӨ **эңиште** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢИШҮҮ **эңиш** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢКЕ *зат.* Кийиктин (эликтин, аркардын) чүкөсү.

ЭҢКЕЙ *этиш.* 1. Жерди карай ийилүү, өбөктөө. *Ал эңкейип он тыйынды колуна алды* (Жантөшев). *Кычан жепирейген эшиктин босогосунан эңкейип өттү* (Бейшеналиев). *Элүүгө кадам басканда Эңкейип белиң ийилет* (Токтогул).

2. Бийик жерден, жайлоодон ж. б. төмөндөп көчүү, ылдыйлоо, бийик жерден ашып өтүү, ары түшүү. *Малчылар жайлоодон эңкейип калган убак* (Қаимов). *Тиги көрүнгөн белди эңкейсеңер, Көк-Суудагы элге жетесиңер* (Жантөшев).

3. *өт.* Белгилүү бир жаштан, маалдан, чектен өтүү, арылоо. *Жакыптын жашы кырктан эңкейип калган* (Бейшеналиев).

ЭҢКЕЙИШ *сын.* 1. Ылдый, төмөн, эңиш. *Жол ийри-буйру болуп, бирде эңкейиш, бирде өр тартат* (Қасымбеков). *Лыжа менен саал эңкейиш жерде жүрүү кандай сонун* (Байтемиров).

2. Эңиш болуп кеткен, төмөндөп, бөксөрүп кеткен жер. *Эңкейиште аккан шар сууга бардык* (Үсөнбаев).

ЭҢКЕЙТ **эңкей** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭҢКЕЙҮҮ **эңкей** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢКИЛДЕ *этиш.* Дегдеңдеп шашып жүгүрүү (көбүнчө төмөн карай). *Ары четтеги чоң көк үй эңкилдеп чуркап келди* («Чалкан»).

ЭҢКИЛДЕТ **эңкилде** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭҢСЕ I *зат.* Қатуу самагандык, тилегендик, көксө. *Эл агартуу бөлүмүнөн эңсеси суып, үч бала кайта чыгышты* (Сыдыкбеков). *Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет* (макал). *Эрегишкен шер болсо, Эңсесин кескен Эр Кошой* («Манас»).

ЭҢСЕ II *этиш.* Самоо, каалоо, тилөө, көксөө; сагынуу. *Эңсеген элим аманбы?* (Токтогул). *Издегеним Акшумкар, Эңсегеним Айчүрөк* («Семетей»). *Сагындым кагылайын кыргыз жерин, Эңседим ой-түзүңдү көрсөм дедим* (Абдыраманов).

ЭҢСЕТ **эңсе** этишинин аркылуу мамилеси.

ЭҢСӨӨ **эңсе** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢҮҮ **эң** этишинин кыймыл атоочу.

ЭҢШЕР *этиш.* Оюп, чуңкурайтып үңүү, казуу; түгөтүү; кулатуу, жыгуу, уратуу. *Мына бу ак чапты эңшерип жаткан кайсы бульдозерчу* (Сасыкбаев). *Каналды казып, топурагын ташып эңшерип жибериштик* («САЖИ»).

ЭҢШЕРИЛ **эңшер** этишинин туюк мамилеси.

ЭҢШЕРТ эңшер этишинин аркылуу мамилеси.

ЭҢШЕРҮҮ эңшер этишинин кыймыл атоочу.

ЭП *зат.* 1. Тууралык, чындык, ылайыктуулук, негиздүүлүк, ылайыгы бар экендик. *Эл Кедейкандын айтканын эп көрдү* (Токтогул). *Силерге эп келсе, менде бир тилек бар* («Ала-Тоо»). *Бул айтканың эп. Мага бере турган эбиң бар эле.*

2. Ык, жөн, эптеле тургандай шартта болгондук. *Аны өзүм эпке келтирем* («Чалкан»). *Эби менен сынган эшикти кадоо.*

◆ **Эби жок** — ченде жок, эсепсиз. *Эчкини аттың эби жок, Эликти аттың чени жок* (Тоголок Молдо). *Эби жок көк жал баатырдын Эр экенин көрөлү* («Манас»). **Эбисыны жок** — жарашыгы жок, сындуу эмес, өңү-түсү начар. *Бурул ушул эби-сыны жок баланын олдоксон сүйлөгөнүнө жана мүнөзүнө кызыгуучу* (Каимов).

ЭПЕЙ *этиш.* Кичинекей, жеңил, тепейген көрүнүштө болуу. *Кооз оюлган шырдактын чекесинде эпейип, үй ээсинин колуктусу Айгүл картошка тазалап отурат* («Ала-Тоо»).

ЭПЕЙТ эпей этишинин аркылуу мамилеси.

ЭПЕҢДЕ *этиш.* Чепеңдеген кыймыл-аракетте, көрүнүштө болуу (эпейген кичинекей кишиге карата). *Эшегин минип эпеңдеп, Жолго чыкты тепеңдеп* (Тоголок Молдо).

ЭПЕҢДЕТ эпеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭПЕҢДӨӨ эпеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЭПИГРАММА *зат.* Кыска сатиралык ыр.

ЭПИГРАФ *зат.* 1. Байыркы гректердин эстеликтеринде жазуу.

2. *ад.* Чыгарманын эң негизги идеясын мүнөздөп туруу үчүн анын эң башкы жагында же айрым бир бөлүмдөрүнүн башында берилүүчү кыска цитата же санат сөз.

ЭПИГРАФИКА *зат.* Эпиграф (1-маанисинде), байыркы жазуулар жөнүндө илим.

ЭПИДЕМИОЛОГ *зат.* Эпидемиология боюнча специалист, адис.

ЭПИДЕМИОЛОГИЯ *зат.* Эпидемиянын (жугуштуу оорулардын) кеңири таралып кетишин, анын чыгыш себептерин жана ага каршы күрөшүү чараларын изилдей турган медицинанын бир бөлүгү.

ЭПИДЕМИЯ *зат.* Кандайдыр бир жугуштуу оорулардын кеңири таралып кетиши.

ЭПИЗОД *зат.* 1. Көркөм чыгарманын өз алдынча белгилүү даражада жыйынтыкталып бүткөн, бирок жалпы сюжетке тутумдашып турган айрым бөлүгү.

2. Болуп өткөн айрым бир окуя, болмуш.

ЭПИЛДЕ *этиш.* 1. Ылдам, тез, шамдагай кыймылдоо, иштөө; тез канат кагып учуу. *Жаш бала эки чайнек чайды эпилдеп көтөрүп кирип келди* («Чалкан»). *Карачы, тиги аянтта Шарапаткан, Эпилдеп көзгө илээшпей терип жаткан* (Абдыраманов). *Эбине келсе эпилдеп, Илбээсин издейт ылаачын* (Калык).

2. Тез, бат-бат сүйлөө; кичи пейилдик кылуу; ал-жай суроо, урматтап сүйлөө. *Жан алы калбай ал-жайды сурап, эпилдеп учурашты* (Сыдыкбеков). *Үйдүн ээси конокторго эпилдеп сөз баштады* («Советтик Кыргызстан»). *Эпилдеп-жепилдеп, балдарына да карамдуу* (Таштемиров).

ЭПИЛОГ *зат.* Көркөм чыгарманын корутунду бөлүгү.

ЭПИТАФИЯ *зат.* Мүрзөнүн, көрүстөндүн үстүнө коюлган эстеликтердин, ар кандай таштардын ж. б. бетине жазылган жазуу.

ЭПИТЕТ *зат.* Көркөм чыгармадагы каармандардын, окуянын, кубулуштун же кандайдыр бир башка нерсенин мүнөздүү белгилерин, касиеттерин көрсөтүп, ага көркөмдүк түр берүү, анын поэтикалык ажарын ачуу үчүн колдонулуучу аныктооч сөз, көркөм сөз каражаты. *Кыргыз элинин түшүнүгүндө элди ээген бий-болуштар карга, кузгун деген эпитеттер менен сүрөттөлөт* (Маликов).

ЭПКИН *зат.* 1. Бир нерсенин өтө тез кыймылынын илеби, таасири, күчү, күүсү. *Кулаган таштын эпкини тийип, мен да жыгылып кеттим* (Каимов). *Борошонун ызгаардуу эпкини Ышкынаалынын уйкусун... ача алган жок* (Байтемиров). *Толкундун эпкини чүрөктүн үлпүлдөгөн жемсөө тыбытын желпип турду* (Осмоналиев).

2. Тездик, ылдамдык, шамдагайлык, демдүүлүк. *Эгинге жакын конолук, Эпкин менен оролук* (Осмонкул). *Бекерликке берилбей Эпкин менен жумуш кыл* (Токтогул).

ЭПКИНДЕ *этиш.* Демилге көтөрүп ылдам, тез, шамдагай иштөө, кыймылдоо. *Чап кетменди, эпкиндегин, мелдешкин Түзүп чарба, жакшыларга теңдешкин* (Бөкөнбаев).

ЭПКИНДӨӨ эпкинде этишинин кыймыл атоочу.

ЭПКИНДҮҮ *сын.* Ишке демилгелүү, үлгүлүү, өрнөк көрсөткөн. *Фермага башчы болуптур Эпкиндүү эжем Сыргажан* (Бөкөнбаев). *Эпкиндүүлөр эң алдыда, Эмгектенген, талбаган* (Нуркамал).

ЭПКИНДҮҮЛҮК *зат.* Ишке эпкиндүү, демилгелүү болгондук, ишмердүүлүк. *Эчки-койду эгиздетип төлдөткөн, Эмгек кылып эпкиндүүлүк көргөзгөн* (Осмонкул).

ЭПОПЕЯ *зат.* 1. Көрүнүктүү тарыхый окуяларды баяндаган ири адабий чыгарма; көлөмдүү эпикалык поэма. *Мухтар Ауэзовдун «Абай» эпопеясы.*

2. Өз ара бирдиктүүлүгү, жалпылыгы бар бир катар ири, маанилүү окуялардын тобу. *Граждандык согуштун эпопеясы.*

ЭПОС *зат.* Элдик оозеки чыгармалардагы окуяны кеңири сүрөттөгөн баатырдык ырлар, ири поэмалар. *«Манас» эпосу. Кенже эпостор. Баатырдык эпостор.*

ЭПСИЗ *сын.* 1. Эби жок, ыгы жок, ыкчыл эмес, эптүү эмес, копол. *Балдар күрөшүп, эптүүсү эпсизин жыгып, төө*

матек, укуй алып жатышты (Жантөшев).

2. Жарашыксыз, көрксүз, эби-сыны жок. *Тамдын түркүктөрү дордоюп жоон, эпсиз жасалган* («Советтик Кыргызстан»).

3. Болжолсуз, ченемсиз, ашкан, артыкча. *Эрдигиң эпсиз көрүнөт* («Семетей»). *Эндей торко кийгизип, Эпсиз жорго мингизип* («Эр Төштүк»).

4. Сансыз көп, сан жетпеген. *Элүү төөгө мал алып, Эпсиз күмүш, зээр алып, Эпсиз калың эл келди* («Манас»).

ЭПТЕ *этиш.* 1. Эбине келтирүү; эбин, ыгын таап, калыбына келтирүү, бириктирүү. *Беш тактайды эптеп, сынган жаман эшикти кадады* (Сыдыкбеков).

2. Эбин, ыгын, айласын, амалын табуу; алдоо. *Эски тонун бергенсип, Эптеп алды чөбүңдү* (Тоголок Молдо). *Эптеп эбин таап, жоону колго түшүрдү* («Жаш ленинчи»).

3. Кыйнала-кыстала, антип-минтип, эптештире, айласын таба, жөнүнө келтире, эптеп-септеп. *Оокат эптеп өтүп жатат* (Сыдыкбеков). *Көпчүлүктүн катарында эптеп келе жатам* (Элебаев).

◆**Эптеп-септеп** — кыйнала-кыстала, зорго, араң-араң, иши кылып. *Эптеп-септеп арык малды араң тургузушту* (Мидин). *Үзүктүн күйгөн жерине эптеп-септеп эски өрө кийиздин үзүндүлөрүн жамашты* (Жантөшев).

ЭПТЕТ эпте этишинин аркылуу мамилеси.

ЭПТЕШ эпте этишинин кош мамилеси.

ЭПТӨӨ эпте этишинин кыймыл атоочу.

ЭПТҮҮ *сын.* 1. Ылайыктуу, ылайыгы келген, жөнү бар, туура келүүчү. *Эсенканга тартууга Эптүү күлүк мал экен* («Манас»). *Таштын кычыктарына туура келген эптүү таштардан коюп, тегиздегиле* (Жантөшев).

2. Эпчил, ыкчыл, жөндөмдүү, айлакер. *Адамдан жеңил эң эптүү, Сүйлөп турса бал кептүү* («Эр Төштүк»). *Кат жазуудан талбадым, Калемге эптүү бармагым* (Тоголок Молдо).

ЭПТҮҮЛҮК *зат.* Эпчилдик, ыктуулук, жөндөмдүүлүк. *Эсеби чоң жеңеңдин, Эптүүлүгү билинип* («Сейтек»). *Ал кайраттуулугу, эптүүлүгү, сөзмөрдүгү менен карыга курдаш, жашка сырдаш* (Каимов).

ЭПЧИЖАК эпчижак — боз үйдүн аялдарга таандык болгон оң жагы (анда казан-аяк, тамак-аш ж. б. жайгашылып, чыгдан тартылган болот). *Үйдүн эпчи жагында саймалуу кызыл көшөгө тартылган* (Жантөшев).

ЭПЧИЛ *сын.* Эптүү, ыктуу, жөндөмдүү; айлакер, амалдуу. *Эр жигиттин белгиси Эпчил болот термелеп* (Токтогул). *Эпчил эки ичет* (макал).

ЭПЧИЛДИК *зат.* Эптүүлүк, ыктуулук; амалдуулук. *Эпчилдик кылуу.*

ЭР *зат.* 1. Эркек киши, адам. *Эр өлтүрүп күн тартпай, Айдалып келдим алыстан* (Токтогул).

2. Аялдын күйөөсү, күйөө. *Кадырлаш болсо өлгөнчө, Катындын көркү эр менен* (Токтогул).

3. *өт.* Баатыр, жүрөктүү, жалтанбаган. *Сырттан Сыргак, эр Манас Сырдашкан киши аянбас* («Манас»).

◆**Эр жак** — киргенде үйдүн эркекке таандык болгон сол жагы. *Эр жакта ээр, камчы илинүү* (Мидин). **Эр көкүрөк** — баатыр, жүрөктүү, тайманбас. *Жолой жашынан эле чыйрак чыгып, эр көкүрөк баатыр болот* (Жантөшев). **Эр жетүү** — бой жетүү; чоңоюп азамат болуу. *Чоңоёрсуң эр жетип, Азамат болуп, бел чечип* (Осмонов). **Эр ортону** — 45—50 жаш чамасы, 50 жаштын ары-бериси. *Касыкем эр ортону — элүү жашта* (Аалы).

ЭРА *зат.* Жылдын саналышы, сүрүлүшү башталган убак, мезгил жана жыл саноонун системасы. *Биз кыргыз элинин тарыхын биздин эрабыздан эки миң жыл мурунтан эсептейбиз.*

ЭРБЕЙ *этиш.* Серейип кичинекей көрүнүү. *Төө үстүндө эрбейип, Индус чалдан ал кетти* (Аалы). *Жердин үстүн кар басып, эрбейген куурайлар көрүнөт* (Байтемиров). *Айдай эрбейген арчанын түбүнө жашырынды* (Каимов).

ЭРБЕҢДЕ *этиш.* Алыстан сербеңдеп көрүнүү, билинер-билинбес элестелип кыймылдоо. *Эрбеңдеген көлөкө Келет, кетет изи жок* (Аалы). *Эрбеңдешет алыстан Эликтин теке, кураны* (Токтогул).

ЭРБЕҢДЕТ эрбеңде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРБЕҢДӨӨ эрбеңде этишинин кыймыл атоочу.

ЭРГЕЖЭЭЛ *зат.* Нормалдуу түрдө өспөгөн, бою өтө эле жапыз адам, кодоо.

ЭРГИ *этиш.* 1. Ээлиге жүгүрүү, булкунуп секирүү, ээлигүү, катуу умтулуу. *Көк зоодон эргип чуркаган, Кийиктер мага карагын* (Бөкөнбаев).

2. Толкундоо, көңүлү көтөрүлүү, кубануу. *Эльбрус тоосун ашчудай, Эргип турган кыз кезек* (Нуркамал). *Жүрөк толкуп, көңүлү эргиди* (Сыдыкбеков).

ЭРГИЛЧЕК *зат.* Жумуру жыгачтарды туурасынан аштап жасаган боз үйдүн, короонун эшиги. *Боз үйдүн эргилчеги. Короонун эргилчеги.*

ЭРГИТ эрги этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРГИШТЕ *этиш.* 1. Эргүү, толкундоо. *Басылып тентек толкун эргиштеген, Магдырап көлдүн үстү тынчып жатты* (Бөкөнбаев).

2. Ыргыштоо, жактырбай силкинүү, сыртын салуу. *Бүгүн эргиштеп эле калыпсың.*

ЭРГИШТӨӨ эргиште этишинин кыймыл атоочу.

ЭРГУЛ *зат.* Көк жал, оён, шер, баатыр, азамат. *Бүркүт кабак эргулдарым...келиштиң* (Сыдыкбеков). *Эргулдар жоону сүрүштү.*

ЭРДЕМ *сын. диал.* Эр жүрөк, баатыр.

ЭРДЕМСИ *этиш.* Баатырсынуу, кыйынсынуу, мыктысынуу. *Эрдемсиген бурутка Кордукту мыктап салабыз* («Манас»). *Эрдемсийт ээ-жаа бербей нечендер, Сынап көрсөң бакылдаганы бекер* (Борбугулов).

ЭРДЕМСҮҮ эрдемси этишинин кыймыл атоочу.

ЭРДИК *зат.* Баатырлык, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, тайманбастык. *Ат жоорутмак — тердиктен, найза саймак— эрдиктен* (макал).

ЭРЕГИШ I *зат.* Атаандашкандык, атаандашуучулук, атаандашкан уруш, чатак, талаш-тартыш. *Эрегиште эр өлөт* (макал). *Эр жигит үйдө жатабы Эрегиш майдан кезинде* (Осмонкул).

ЭРЕГИШ II *этиш.* Бири-бирине атаандашуу, атаандашып салгылашуу, чатакташуу. *Эрегишип жүргөнчө Элчиликке келелик* («Курманбек»). *Экөөнү бирөө жеңбейби, Эрегишип жоолашса* (Осмонкул).

ЭРИГИШТИР эрегиш этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРЕГИШҮҮ эрегиш этишинин кыймыл атоочу.

ЭРЕЖЕ *зат.* 1. Жыгач уста тактайга так, тилке, белги түшүрүп алуучу жип.

2. Белгилүү негизге таянган жобо, шарт, тартип. *Жайыттар зоотехникалык эреже боюнча бөлүнгөн* (Сыдыкбеков). *Окуучулардын эрежеси.*

ЭРЕН *зат.* Эр, баатыр, эр жүрөк, шер. *Көк ырапыс тон кийген, Көк жал Чубак эренге айт* («Манас»). *Найза сунчу берени, Ай балта чапчу эрени* («Сейтек»).

ЭРЕРКЕ *этиш.* Сүйүнгөндүктөн, кубангандыктан токтоно албай жашуу, көзүнө жаш алуу; өзүн кармай албоо. *Кыргыз тоолорун көргөндө, өзүнүн энесин көргөндөй эреркеп, жашы көзүнө толо калды* (Аалы). *Абыл жолдошторуна эреркеп «бу-у!.» — деп ыйлап жиберди* (Касымбеков).

ЭРЕРКЕТ эрерке этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРЕРКӨӨ эрерке этишинин кыймыл атоочу.

ЭРЕСЕ *зат.* Эр жеткен чак, өсүп жетилген учур. *Энеден жалгыз туулуп Эресеге мен жеттим* («Курманбек»).

ЭРЕШЕН: эрешен тартуу — эр жетүү, бой тартуу. *Тилек кылган Күлчоро Эрешен тартып эр болду* («Сейтек»). *Эрешен тартып эр болуп, Эр уулу менен тең болуп.. Өзүм Кыяз болгону* («Сейтек»).

ЭРИ *этиш.* 1. Жылуулуктун, ысытуунун ж. б. таасири менен суюктукка айлануу, суюлуп же көлкүлдөп жибип кетүү (катуу, тоң нерселерге карата). *Жаз келип, карлар эрип, жер чымырап, Көк чыгып, торгой сайрап, курт кыбырап* (Турусбеков). *Май эриди. Муз эриди. Ийилбеген темир жок, Эрибеген болот жок* (Үмөталиев).

2. *өт.* Кызыктуу, уккулуктуу сөздү, ырды же жомокту берилип, аябай көңүл салып угуу, уюп калуу. *Эл жаагын жаныган жигиттин сөзүнө эрип тыңшоодо* (Бейшеналиев). *Кемпирдин уккулуктуу жомогуна баарыбыз эрип калган экенбиз* («Жаш ленинчи»).

3. *өт.* Дем тарта албай көгөрүп ыйлоо, катуу ыйлоо (кичинекей балдарга карата). *Чыркырап эрип ыйлаган баланын үнү угулду* (Каимов).

ЭРИГҮҮ эрик этишинин кыймыл атоочу.

ЭРИК I эрк менен бирдей.

ЭРИК II *этиш.* 1. Кылар иш жок, бекер, бош жүрүүдөн, бош отуруудан тажоо, зеригүү. *Кылар иши жок эригип отуруу. Эриккенди жазып тамаша кылуу, ойнокүлүү.*

2. Сагынуу, куса болуу. *Эрмек эки күндөн бери агасын көрбөй эрикти* (Абдукаримов).

3. Эринүү, жалкоолонуу, мойну жар бербөө, тажоо. *Эригип кедей жатпагын Таппайсың андан пайданы* (Тоголок Молдо). *Окуп отуруп эригип кеттим.*

ЭРИКТИР эрик этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРИКЧЭЭЛ эринчээк менен бирдей.

ЭРИН I *зат.* Ооздун булчуңдуу, кыймылдуу келген астынкы жана үстүнкү кырка бөлүктөрү. *Камканын кебездей жумшак эриндери Мыскалдын бетине жабыша түштү* (Сыдыкбеков).

ЭРИН II *этиш.* Жалкоолонуу, көңүлү келбөө, мойну жар бербөө, эригүү. *Белсенип жумуш кылгандан Акылсыз адам эринет* (Токтогул).

ЭРИНТ эрин этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРИНҮҮ эрин этишинин кыймыл атоочу.

ЭРИНЧЭЭК *сын.* Иш кылганда эринген жалкоо, шалаакы, эрикчээл. *Эринчээк болот кээ бирөө, Эчтеке келбей колунан* (Осмонкул).

ЭРИТ эри этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРИТИЛ эрит этишинин туюк мамилеси.

ЭРИТМЕ*зат.* Бир же бир нече металлдын, заттардын тазаланган накта эритиндиси же кошулмасы. *Металл эритмеси.*

ЭРИТҮҮ эрит этишинин кыймыл атоочу.

ЭРИШ *зат.* Өрмөктүн, ар кандай кездеменин узунунан кетип токулган жиби, негизи. *Эшегине карай тушагы, эришине карай аркагы* (макал). *Асыл жибектин эришин чубап көрдү* (Сыдыкбеков).

◆**Эриш бузуу** — тартипти, салтты, ынтымакты, бузуу, баш ийбөө. *Эриш бузуп, эр өлтүргөнүм жок. Аш тарады, эл кетти, Эриш бузуш баштады* (Тоголок Молдо). **Эриш тартуу** — катар тизилүү, кыркалай туруу. *Чиркешип бир-бирине тизген тоодой, Курчалып керме тоону тарткан эриш* (Бөкөнбаев). **Эриш-аркак болуу** — ынтымактуу болуу, бири-бирине жөлөк, таянч болуу. *Эриш-аркак болуп оокат кылалы* (Жантөшев).

ЭРК *зат. псих.* 1. Адамдын өзүн-өзү кармай билүү, көздөгөн максатын иш жүзүнө ашыруруга умтулган сапаты, касиети. *Эрки күчтүү адам. Эркти тарбиялоо.*

2. Каалагандай, эркинче болуучулук, ойлогонундай иш кылуучулук. *Энебиздин энчисин Эркибизче алалык* («Эр Табылды»). *Сүйдүрүү же күйдүрүү, Өзүңөрдүн эркиңер* (Маликов).

3. Боштондук, азаттык, теңдик, эркиндик, тең укуктуулук. *Жерсиз элем жер берди, Малай элем эрк берди* (Токтомушев).

ЭРКЕ *сын.* 1. Эркелеп, өз оюндагысын

кылган, каалаганын иштегиси келген, обу жок чалжактаган (көбүнчө жаш балдарга жана көп эркелеген жаш аялдарга карата). *Жоргонун тери кургабайт, эркенин жашы кургабайт* (макал). *Ажар уркунгө чейин жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү* (Баялинов). *Эрке аял.*

2. Бирөөнү жакшы көрүп эркелеткенде айтылат.

◆**Эрке талтаң** — обу жок, жөнү жок, эпсиз эрке. *Жылдызкан Кумриханга окшогон эрке талтаң кыздардан тил укса да ыйлаган эмес* (Байтемиров). **Эрке бала** — жородо, шернеде оюн-тамаша баштоого, уюштурууга дайындалган киши.

ЭРКЕК *зат.* Адамдын, айбандын, жаныбардын ж. б. эр жыныстуусу. *Кызым тогуз, эркек жок* («Эр Төштүк»). *Эркек бала. Эркек торпок.*

◆**Эркек тана** — эркек, эркек сөрөй. *Эркек тана бойдокчулук кылган уландарды ээрчип кетти.* (Аалы).

ЭРКЕКТИК *сын.* Эркекке таандык, эркек кишиге мүнөздүү.

ЭРКЕЛЕ *этиш.* Бирөөгө (мис., ата-энесине) эркелик кылык көрсөтүү. *Төрдө отурган кичине кыз энесине эркелеп, мойнунан кучактады* (Сыдыкбеков).

ЭРКЕЛЕТ эркеле этишинин аркылуу мамилеси.

ЭРКЕЛӨӨ эркеле этишинин кыймыл атоочу.

ЭРКЕТАЙ *зат.* 1. Эрке болуп, эрке өскөн бала, адам. *Абасынын доорунда Эркетай өсүп калыптыр* («Эр Табылды»).

2. Жакшы көргөн адамын (көбүнчө кыздарды, аялдарды) эркелетүү маанисинде айтылат. *Эрдин жары эркетай, Эскерип койсо көңүл жай* (Калык).

ЭРКЕЧ *зат.* Көбүнчө койлорду баштап жүрүүчү биттелген теке. *Мүйүздөрү кайчылаш чоң эркечти ээрчип, койлор чоң көктуну көздөй чубурат* (Абдукаримов).

ЭРКИН *сын.* 1. Бош, өз алдынча жүргөн, кайтарууда, кыстоодо эмес. *Талаадагы эркин кийик Дыргып барып каражат* (Аалы).

2. Эрктүү, көз каранды эмес. *Эркин тоонун эркин эрке кыздары, Келгилечи, көңүлдү биз ачалы* (Турусбеков).

3. Жат, машыккандай, так билгендей. *Харитонов өзбек тилинде эркин сүйлөйт* (Абдукаримов).

ЭРКИНДЕ *этиш.* Эркин болуу, эркинче, өз алдынча жүрүү. *Кыл аркандын селкинчек, Кыздар ойноп эркиндеп* (Бөкөнбаев). *Көлдөгү сүзгөн өрдөк, каз Эркиндеп учкан турбайбы* (Турусбеков).

ЭРКИНДИК *зат.* Боштондук, көз каранды эместик, эркин, тең укуктуулук. *Эркиндик тийип кедейге, Энчини берди экилеп* (Осмонкул). *Эркиндик жана бакыт-таалай дегенибиз — коммунисттик коом.*

ЭРКИНЧЕ *такт.* Каалаганынча, өз эркин, өз ою менен, самаганындай. *Аңызда эркинче оттоп, эркинче семирген бөдөнө ичти* (Сыдыкбеков).

ЭРКСИЗДЕН *такт.* Айласыздан, амалсыздан; атайлап эмес, аңдоосуздан күтпөгөн жерден. *Эрксизден эзилгенбиз бечара калк* (Калык). *Нина Леонтьевна Динар тентектин сүйлөгөн сөзүнө эрксизден күлүп жиберди* (Сыдыкбеков).

ЭРКТҮҮ *сын.* 1. Эркин бар, өзүн өзү кармай билген, эркин күчтүү. *Эрктүү жигит анын ушактаган сөзүнө көңүл бурган да жок.*

2. Эркиндик, теңдикке жеткен, тең укуктуу. *Эмгек менен гүлдөгөн эрктүү совет эли.*

3. Өз ыктыяры, өз эркин, өз каалоосу менен; өз алдынча, өз эркинче. *Жигиттер эрктүү түзүлгөн отрядга кошулуша башташат* (Бөкөнбаев).

ЭРЛИК эрдик менен бирдей.

ЭРМЕ: эрме чөл — ээн жаткан, эч жан жок жапайы чөл. *Бир нече күн жүрүп, бир ээн талаа, Эрме чөлгө туш келдим* (Каралаев).

ЭРМЕК *зат.* 1. Эрмектеп ойноп-күлөр, көңүл ачар тамаша, оюн. *Эригип жүрөт жолоочу, Эрмекке чакыр бирөөнү* (Үсөнбаев). *Жаан күнү эрмек кылып тогуз кумалак ойноштү* (Байтемиров).

2. *өт.* Бала. *Бектурдун эркелеткен эрмеги жок кейип жүрөт* (Сыдыкбеков).

ЭРМЕКТЕ *этиш.* Эрмек кылуу, эрикпей, зеригин кетпей, бир нерсеге көңүл алагды кылуу, убакыт өткөрүү. *Эриккенде элиме Эрмектеген дастаным* (Токтогул). *Динар менен Келген эрмектешип келатышты* (Сыдыкбеков).

ЭРМЕКТЕШ эрмекте этишинин кош мамилеси.

ЭРМЕКТӨӨ эрмекте этишинин кыймыл атоочу.

ЭРМЕН *зат.* Кермек, ачуу даамдуу, башында майда, тоголок бүдүрлөрү бар куурай. *Биз эрмен, меңдубана, акшар аралаш куурайларды эки күнү чаап жыйнадык* (Жантөшев).

ЭРӨӨЛ *зат.* 1. Жекеме-жекеге чыгышкан салгылашуу, күч сынашуу, сайыш, чабыш. *Эрөөлгө чыгып сайышса эрдигине чара жок* («Манас»). *Эрөөлгө чыгып эрендер Эки-экиден урушту* («Манас»).

2. Чалгын, чалгындоо иши. *Эрөөлгө чапты эрендер, Бууданды минген берендер, Мен баатырмын дегендер* («Манас»). *Эрөөлгө чыккан Кара дөө.. Белге чейин барды эми* («Семетей»).

ЭРӨӨН *зат.* Өөн көрүнгөндүк, адаттан тышкары, тескери сезилгендик. *Ал өзүнүн айткандын эрөөн албай, Мыскалга карады* (Сыдыкбеков). *Бойго жеткен кыздын айылчылап, бекер жүрүшү эрөөн эле* (Жантөшев). *Омокеев досунун уу-чуусуз, жалгыз өзү тосуп чыгышын эрөөн көрдү* («Ала-Тоо»).

ЭРТЕ *такт.* 1. Эртең менен, күн чыга, азандан. *Эрте туруп, кеч жатып Эмгек десе талбаган* (Нуркамал). *Зарыл эрте ойгонуп, эрте турду* (Сыдыкбеков).

2. Белгилүү бир убактан мурда, убактысы, маалы жете электе, маалынан мурун,

кеч калбай. *Эрте бышкан алма. Ишти эрте бүтүрүү.*

ЭРТЕЛЕ *этиш.* 1. Эртең менен, күн чыга, таң азандан аракетке, ишке өтүү, камылга көрүү. *Элибиздин баарысы Эртелеп турат кызматка* (Калык).

2. Кечикпей, эрте, күн мурунтан киришүү, камдануу, аракет жасоо. *Кемпир, эртелеп казан ас!* (Сыдыкбеков). *Ишти эртелеп бүтүрүү.*

ЭРТЕЛИ: эртели-кеч— эртең менен жана кечкисин; ара-чолодо. *Эртели-кеч ишке кол тийгизе коюп жүрсөң, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* («Жаш ленинчи»).

ЭРТЕҢ *такт.* 1. Өтүп жаткан күндүн соңку күнү, бүгүнкүнүн эртеси. *Бүгүн көргөн эртең жок, Ушундай болот дүйнө шок* («Манас»). *Эртең майрам, күн жетинчи ноябрь* (Осмонов).

2. Жакынкы келечекте, жакын арада, жакын күндө. *Ооба, эжекелер, аман болсок, эртең эле көрүшөрүбүз чын* (Сыдыкбеков).

◆**Эртең менен** — күн чыгардын алдынан тарта күн бир аз көтөрүлгөнгө чейинки убакыт аралыгы. *Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал* (макал). **Таң эртең** — абдан эрте, таң атканда, таң сүргөндө, таң алды менен, таң ата. *Таң эртең менен Дүйшөнкул келди* (Бөкөнбаев).

ЭРТЕҢКИ *такт.* 1. Келерки, кийинки күнкү. *Чыдабай күтөт кыз, келин Эртеңки таңдын атканын* («Мендирман»).

2. Эртең мененки. *Эртеңки салкын жел. Калыбек эртеңки кеткен бойдон кеч бешимде үйгө жалгыз келди* (Сыдыкбеков).

3. Жакынкы келечектеги, жакын арадагы, жакынкы күндөрдүн ичиндеги. *Кубанчы мол, умут зор Эртеңки болор жеңиштен* («Мендирман»).

ЭРТЕСИ *такт.* Кийинки күнү, бир күн кийин. *Барган күнү күн ачык болду эле, эртеси күн жаады* (Байтемиров). *Эртеси анын таңында, Эл менен жумуш шаңында* («Ленинчил жаш»).

ЭРУДИЦИЯ *зат.* Илимдин белгилүү бир тармагын өтө терең билгендик, салмактуулук, маалыматтын толуктугу.

ЭРҮҮ эри этишинин кыймыл атоочу.

ЭС I *зат.* 1. Акыл, аң-сезим. *Эсиң болсо жигиттер, Капа кылбай тилдебей, Кайрыла жүр жетимге* (Токтогул). *Батыш эси жок энесинин тилин албады* (Байтемиров).

2. Ойдо сактоо, унутпоо жөндөмдүүлүгү. *Мыскалдын Крымга, Артекке барганы эсинде* (Сыдыкбеков). *Сенин ошондогу мага айткандарыңдын бардыгы эсимде* (Жантөшев). *Эсине салып коюу керек.*

Эси ооп калуу — к. оо I. Эс алуу— тыныгуу чаалыкканын жазып, калыбына келүү, көңүл сергитүү. *Аба жуттум, кымыз ичтим, эс алдым* (Үмөталиев). *Күлүбүбү эс алып, бир уктап турду* (Убукеев). **Эс-эс билүү** — ачык, даана эмес, бүдөмүк, элес-булас билүү. *Бул ашуунун татаал, тайгак жерлерин бала чакта көрүп, эс-эс гана билем* («Советтик Кыргызстан»). **Эси эки болуу** — шайы кетүү, айласы кетүү, алдастоо, эмне кыларын билбей калуу, шаштысы кетүү. *Атылган октон басмачылардын кулактары тунуп, жашынууга жай таппай, алдастап, эстери эки болушту* (Жантөшев). **Эси чыгуу к. чык III. Эси-көөнүнөн кетпөө** — эч убакта унутпоо, унутулгус болуу. *Бул түн Алымкулдун эси- көөнүнөн кетпей турган түн эле* (Абдукаримов). **Эс-учун жыюу** — акыл-эсине келүү, эсин жыюу, эстен тангандан кийин кайта калыбына келүү. *Садык эс-учун жыйбай, оорусу кармап жатып калды* (Сыдыкбеков). **Эси-дарты** — бүт ойлогон ою, санаасы, тилеги. *Анархандын эси-дарты эшиктеги Каныбекте* (Жантөшев).

ЭС II: жел эсүү — жел согуу, жел жүрүү. *Сыпаа жел эртели-кеч тоодон эскен* (Маликов). *Сергитип турду абамды, Жибек жел эсип, гүл бурап* (Бөкөнбаев).

ЭСЕ *зат.* 1. Ирет, мертебе, жолу. *Планым ашат эки эсе, Кырманыма береке* (Осмонов).

2. Барабар, тең, тете. *Өлгөндү сурасаң тирилгенге эсе* (макал).

ЭСЕЛЕ *этиш.* Бир нече эсе, бир канча мертебе көбөйтүү, ашыгы менен туудуруп, арттырып алуу. *Эки эселеп төлөп берди.*

ЭСЕЛЕК *сын.* Акыл-эси толо элек, акылсыз, эс-акылы жок, жеңил ойлуу. *Эселек сендей айбанды Эр деп айткан оңобу* («Семетей»). *Эстүү — көпчүл, эселек — тууганчыл* (макал).

ЭСЕЛЕН эселе этишинин өздүк мамилеси.

ЭСЕЛЕТ эселе этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСЕЛӨӨ эселе этишинин кыймыл атоочу.

ЭСЕН *такт.* Аман, сак-саламат, соо. *Эсен барсам элиме, Тилегиме жетемин* (Токтогул). *Алмамбет, Чубак эки шер Эсен-аман соо барбы?* («Манас»). *Айрансүтүн көлдөтүп, Малдарды эсен багалы* (Осмонкул).

ЭСЕНДЕШ *этиш.* Ден-соолугун, алабалын суроо, учурашуу, амандашуу. *Алмамбет, Сыргак, эр Чубак Аман-эсен Манаска Эсендешип көрүштү* («Манас»).

ЭСЕНДЕШҮҮ эсендеш этишинин кыймыл атоочу.

ЭСЕНДИК *зат.* Амандык, сак-саламаттык, дени сактык. *Тилектин түбү эсендик, саламат болсок болгону.*

ЭСЕП *зат.* 1. Ар кандай нерселердин саналып, саны такталып чыгарылган жалпы жыйынтыгы, канча экендигин көрсеткөн жалпы саны. *Күн эсеби белгилүү Жылда болот турбайбы* (Алыкулов). *Кеткенине жети күн Болду бүгүн эсеби* (Үсөнбаев). *Малдын жалпы эсеби. Эмгек күндүн эсеби. Акчанын эсеби.*

2. Арифметика. *Эсептен сабак берген Сартбаев балдардан сабагын сурай баштады* (Сыдыкбеков).

◆**Эсеп-кысап — ар кандай эсеп иштери, эсепке тийиштүү маалыматтар.** *Кампанын эсеп-кысабын жатка билген киши экен* (Бейшеналиев). **Орто эсеп менен** — кан-

дайдыр бир нерсенин эң жогорку көрсөткүчү менен эң төмөнкү көрсеткүчүнүн орточо саны, орточо болжолдуу эсепти көрсөтө турган сан. *Бир машина орто эсеп менен 80 гектар жердеги пахтаны тергүгө тийиш* («Коммунист»). **Эсебин табуу** — ар нерсенин ыңгайын, шартын, жөнүн таап иштөө, аракет кылуу, бүтүрүү, жайлоо. *Чын эсебин табайын, Чыркыратып бул таздын Башын кыя чабайын* («Эр Төштүк»). **Эсеби жок** — эң эле, абдан, болжолсуз, ченемсиз. *Эсеби жок эр Төштүк* («Эр Төштүк»). *Макел Дөө деген балбаны Эсеби жок чоң экен* («Манас»). *Эчки, теке, кийиктер Эсеби жок семирген* (Токтогул). **Сары эсеп** — пайда чыгаруу, пайда көрүп калуу аракетин жасап, аябай так, зыкымдык менен эсеп жүргүзгөн киши. *Саржалың сан жеткис Сары эсеп киши экенсиң* (Калык).

ЭСЕПКОР *сын.* Зыкымданып, бардыгын эсептеп, эсеп жүргүзүп турган, эчтемесин кемитпөөнүн аракетин кылган пейли тар. *Эсепкор кишинин колунан тыйын чыгуу кыйын* («Чалкан»).

ЭСЕПСИЗ *сын.* 1. Эсеп жетпеген, сансыз, эң эле көп. *Дыйканбайдын согуму үчүн элден эсепсиз чыгымдар жыйылган* (Бөкөнбаев).

2. Болжолсуз, ченемсиз, өтө эле, абдан. *Эсепсиз кымбат мүлкүмдү Энчилеп элге таратам* (Аалы).

ЭСЕПТЕ *этиш.* Эсебин алуу, эсебин чыгаруу, саноо, санак жүргүзүү. *Эмгек күнду эсептеп, Дептерлерге жазалы* (Турусбеков).

ЭСЕПТЕТ эсепте этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСЕПТЕШ эсепте этишинин кош мамилеси.

ЭСЕПТӨӨ эсепте этишинин кыймыл атоочу.

ЭСЕПТҮҮ *сын.* Эсептешкен, эсеби бар. *Эсептүү дос айрылбайт* (макал).

ЭСЕПЧИ *зат.* 1. Эсептөөчү, эсеп, санак жүргүзүүчү адам, счетовод. *Эмгекчинин эмгек күнүн тууралап, Эсепчилер иш планын тактасын* (Осмонкул).

2. Жыл сүрүүчү; күнгө, айга карап аба ырайынын, жылдын кандай боло тургандыгын болжоп айтуучу киши. *Жыл сүрүп, жыл эсепчиси сүйлөдү* (Сыдыкбеков).

ЭСЕР I *сын.* Жеңил ойлуу, кем акыл, акылсыз. *Эсер Чонтой энтелеп, Эшигин таппай темселеп* (Тоголок Молдо). *Эси жок, эсер эмдик Оюнда азыр эт барбы?* (Тоголок Молдо).

ЭСЕР II *зат. сая́с.* Россиядагы марксизмге каршы контрреволюциячыл майда буржуазиялык партияның мүчөсү. *Большевиктер эсерлерди кынына кийирип, кылмыштарын ашкереледи* (Сасыкбаев).

ЭСИЛ *сын.* 1. Кайран, чиркин, өткөн. *Эсил өмүр, эсил жаш, Эсиң барда моокум бас* (Токтогул). *Эсил энем Канымей Өлбөй тирүү бар бекен* («Сейтек»).

2. Киши өлгөндө окунуч иретинде айтылуучу сөз.

ЭСИР *этиш.* Көөп кетүү, менменсинип, обу жок болуп кетүү, жинденүү. *Ал малга, дөөлөткө эсирип, турмушту баалабады* (Сыдыкбеков).

ЭСИРИК *сын.* Көпкөн, менменсиген, обу жок. *Эсирик бала эбиң тап* (Калык).

ЭСИРКЕ *этиш.* Көпкөнчүлүк кылып текеберленүү, корсоюу. *Эсиркеп отко чарпылган, Элирген тилек менде бар* (Аалы).

ЭСИРКЕТ эсирке этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСИРКӨӨ эсирке этишинин кыймыл атоочу.

ЭСИРМЕ *зат.* Албуут, жини бар, кыялы чатак, эсирип кетме. *Эркетайдын эсирмеси кармайт* (Бөлөкбаев).

ЭСИРТ эсир этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСИРҮҮ эсир этишинин кыймыл атоочу.

ЭСКАДРА *зат.* Согуш-деңиз флотунун же аба флотунун кораблдеринин чоң бирикмеси, тобу. *Асманда сап-сап болуп, сызып келе жаткан бийиктиктеги эскадраны көрдүк* (Сыдыкбеков).

ЭСКАДРАЛЫК *сын.* Эскадрага таандык.

ЭСКАДРИЛЬЯ *зат.* Согуш авиациясынын бир нече топ самолёттордон турган бөлүгү.

ЭСКАДРОН *зат.* Пехотадагы ротага тең келген кавалериялык бөлүк.

ЭСКАЛАТОР *зат.* Көбүнчө метродогу кишилерди өйдө алып чыгуу, төмөн түшүрүү үчүн тынымсыз жылып туруучу тепкичтер.

ЭСКЕР *этиш.* Эсине алуу, эске салуу, унутпай эстеп жүрүү, унуг калтырбоо. *Эрдин жары эркетай, Эскерип койсо көңүл жай* (Калык). *Өмүр бизден өтүп кетсе, Эл эмгектен эскерсин* (Аалы). *Эрдигиңди эскерип Жаздым муну сага арнап* (Үмөталиев).

ЭСКЕРМЕ *зат.* Эске алып, эстеп жүрүү үчүн арналган ыр, сөз же ар кандай белектер. *Ак куу элең калкыган көк көлдөгу, Көл түбүнө түшүрбө эскермеми* (Сарногоев).

ЭСКЕРТ I. эскер этишинин аркылуу мамилеси.

2. Алдын ала түшүндүрүп, билдирип айтып коюу, баяндап, белги берип коюу. *Белек сабакка кандайча даярдануу керек экендигин белгилеп, балдарга эскертти* (Таштемиров). *Бул ишти мага жакшы эскерттиңиз* (Жантөшев).

ЭСКЕРТИЛ эскерт этишинин туюк мамилеси.

ЭСКЕРТҮҮ I *зат.* Жаңылыштык кетиргендиги, кылмыш кылгандыгы үчүн адамга колдонулуучу чара, жаза.

ЭСКЕРТҮҮ II эскерт этишинин кыймыл атоочу.

ЭСКЕРҮҮ эскер этишинин кыймыл атоочу.

ЭСКИ *сын.* 1. Жаңы эмес, мурда колдонулуп, көнөрүп калган, эскирип калган. *Эски шырдак. Эски кийим. Эски эт.*

2. Мурдакы, мурда өтүп кеткен, мурда болуп өткөн. *Эзилдик эски заманда, Таптаалдык эле таманда* (Тоголок Молдо). *Эски жыл кетти, жаңы жыл келди. Ырдап,*

ыйлап күн өткөргөн таштарда, Эски койчу бүгүн — куунак башкарма (Аалы).

3. Карыган, көп жашаган. *Эски киши.*

ЭСКИЗ *зат.* Сүрөттүн, чийменин алгачкы тартылышы, алгачкы тартылган түрү.

ЭСКИЛИК *зат.* 1. Эскиргендик, эскирип жеткендик. *Машинанын азыркы кебетеси эскилиги жеткен дагырадай шалдырайт* («Чалкан»).

2. Эски коомго, турмушка тиешелүү болгон тетири көрүнүш. *Дагы эле жүрөт жабышып Эскиликтен калгандар* (Шүкүрбеков). *Эскиликке жол бербей Экинчи кайра жасалдым* (Үсөнбаев).

ЭСКИР *этиш.* 1. Эски болуу, эскилиги жетүү; керектен чыгуу, жыртылуу, тозулуу. *Эскирген машина. Эскирген кийим-кече. Журкан-төшөктөр эскирди* (Сыдыкбеков).

2. Каруу, жашы улгаюу, карылыкка моюн сунуу, картаюу. *Эскирип кеттим кошулбай Эмки сонун турмушка* (Токтогул). *Эскирип өмүр баратат, Эсимден кетпейт бала чак* (Бөкөнбаев).

ЭСКИРТ эскир этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСКИРҮҮ эскир этишинин кыймыл атоочу.

ЭСКИЧИЛ *сын.* Эскиликти (2-маанисинде) жактоочу. *Эскичил бизден алыс болсун* (Бөкөнбаев).

ЭСПАРЦЕТ *зат.* Көбүнчө мала кызыл гүл ачкан, беде сыяктуу бир нече жолу чабылып алына турган көп жылдык тоюткор өсүмдүгү.

ЭСПЕРАНТО *зат.* Дүйнөгө кеңири таралган европалык тилдердин материалдарына негизделип түзүлгөн эл аралык жасалма тил.

ЭССЕНЦИЯ *зат.* Тамак өнөр жайында, фармацевтикада, парфюмерияда колдонулуучу кандайдыр бир заттын учуп, буулануудан кетүүчү кошулмасы аралашкан суюктук.

ЭССИЗ *сын.* Акылсыз, эси жок.

ЭСТАМП *зат.* Гравюрадан басып түшүрүлгөн сүрөт, оттиск.

ЭСТАФЕТА *зат.* 1. Жүгүрүүдө, сууда сүзүүдө ж. б. белгилүү аралыктан өткөн сайын колундагы нерсени (көбүнчө таякчаны) улам өз тарабындагыларга берип, марага жеткиче бирин-бири алмаштырып турма жарыш.

2. Ушундай жарышта ар бир команданын катышуучулары бири-бирине берип, колдон колго өткөрө турган шарттуу нерсе (көбүнчө таякча).

ЭСТЕ I *этиш.* Мурда оюнда болгон, көргөн-билген, сезимде бар нерселерди, окуяларды ж. б. ойго келтирүү, эске салуу, эске түшүрүү. *Алыста жүрсөм дагы эстейм, гүлүм, Сайрасам булбул болуп жетер үнүм* (Шимеев). *Туулган, туугап жерди эстеп, Капа болуп айттым да* (Токтогул). *Калың кыргыз элди эстеп, Качкандагы кербезим* (Токтогул).

ЭСТЕ II *этиш.* Уйкусу чала болгондо, уйкусураганда, чарчаганда, талыкшыганда ж. б. эркисизден оозду кең ачып, терең дем алуу. *Түлкүбек оозун ачып, кериле эстеди* (Жантөшев).

ЭСТЕЛ эсте этишинин туюк мамилеси.

ЭСТЕЛИК *зат.* 1. Көрүнүктүү адамдарга курулган скульптуралык же архитектуралык имарат, сүрөт ж. б. *В. И. Лениндин эстелиги. Элиң сага эстелигин тургузду Өзүң сүйгөн кыргыз тоонун ташынан* (Үмөталиев).

2. Өткөндөгү материалдык маданияттын, эски жазуулардын, чыгармалардын ж. б. сакталып келаткан үлгүлөрү, калдыктары. *Архитектуралык эстеликтер. Орхон-Енисей эстеликтери.*

3. Эстөө, эсте сактоо, унутпай ойго алып жүрүү үчүн сактала турган ар кандай нерселер, окуялар, эскерме. *Тарыхтан тамчы чын элес, Бул китеп элге эстелик* (Аалы). *Эстелик үчүн сүрөткө түшүп коёлук* («Ала-Тоо»).

ЭСТЕТ эсте этишинин аркылуу мамилеси.

ЭСТЕТИКА *зат.* 1. Искусство жөнүндөгү, көркөм чыгармачылыктагы, жаратылыштагы, турмуштагы сулуулуктун, көркөмдүктүн формалары жөнүндөгү философиялык окуу. *Марксисттик эстетика.*

2. Кимдир бирөөнүн искусствого же анын кандайдыр бир түрүнө карата болгон көз карашынын системасы. *Чернышевскийдин эстетикасы.*

ЭСТЕТИКАЛЫК *сын.* Эстетикага таандык.

ЭСТӨӨ эсте этишинин кыймыл атоочу.

ЭСТРАДА *зат.* 1. Артисттер, музыканттар, көркөм окуучулар ж. б. эл алдында чыгып сүйлөшүү, ырдашы, оюн көрсөтүшү үчүн жасалган сере, кичинекей сахна.

2. Концерттик сценада, ачык жерлерде аткарылуучу музыкалык-драмалык искусствонун майда чыгармалары.

ЭСТРАДАЛЫК *сын.* Эстрадага таандык.

ЭСТҮҮ *сын.* Акыл-эси бар, акылдуу. *Эстүү — көпчүл, эселек — тууганчыл* (макал). *Азамат жигит, эстүү кыз, Ар кимиң тапкын теңиңди* (Тоголок Молдо).

ЭСТҮҮЛҮК *зат.* Акылдуулук, акыл-эси бардык. *Эстүүлүктүн белгиси, Элин жакшы башкарат* (Осмонкул).

ЭСТҮҮСҮН *этиш.* Акылдуусунуу, өзүн эстүү, акылдуу киши катарында көрсөтүү. *Эки көз орой неме экен, Эстүүсүнгөн күл экен* («Эр Табылды»).

ЭСТҮҮСҮНҮҮ эстүүсүн этишинин кыймыл атоочу.

ЭТ I *зат.* 1. Жаныбарлардын сөөгүнө жабышкан дене тканлары. *Этке чыккан жара. Дененин булчуң эттери. Этиң калып көк жашык, Каның калган бир кашык* («Манас»).

2. Союлган малдын, аңдын, канаттуунун, балыктын ж. б. азык-түлүк үчүн колдонулган (желе турган) ушундай дене заты. *Манапты зээрчип эт жеген Мадырайган соргогум* (Токтогул). *Коддун эти. Балыктын эти. Үй куштарынын эти. Сүр эт.*

3. Ар кандай жемиштердин, бакча өсүмдүктөрүнүн желе турган жумшак заты.

4. Дене, бүткөн бой. *Көйнөгүм жок, жылаңач, Куур тонум этимде* («Жазгыч акындар»).

◆ **Балык эт** — жаныбарлардын, адамдын кыр аркасына бойлото кеткен эти. *Кыр арканын балык эт, Жара чаап жиберди* («Манас»). **Ич эт** — союлган малдын ичеги-карды, боору, жүрөгү, бөйрөктөрү ж. б. сыяктуу ички эттери. **Тору этине толбоо** — арыктап, баштагы этине, мурунку калыбына келбөө. *Табылды оорудан аман-эсен айгып, тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүрдү* («Эр Табылды»). **Эт көйнөк** — ич көйнөк, ичтен кийүүчү ак көйнөк. *Жаш баланы атасынын эт көйнөгүнө ороду* (Сыдыкбеков). **Эт менен челдин ортосунда болуу** *к. чел.* **Эт бышым** — эт бышканчалык, болжол менен эки саатчалык убакыт. *Эси эндирип Табылды Эт бышымдай жатты эми* («Эр Табылды»). **Эти тирүү** — тың, чыйрак, бышык. *Ал эти тирүү бала болучу* (Жантөшев). **Боор эт менен тең болуу** — абдан жакын, сүйкүмдүү көрүнүү, кымбат сезилүү. *Бала боор эт менен тең болот* (Байтемиров). **Эти ачынуу** — ачуусу келүү, жини келүү. *Ал тил үгүп, эти ачынып калды* (Сыдыкбеков). **Кызыл эт** — жаңы төрөлгөн бала, жаныбарлардын балдарынын жаңы туулган кездегиси, канаттуулардын жүнү чыга элек балапаны. **Балтыр эти** *же* **борбуй эти толуу** — эр жетүү, жигит болуу. *Балтыр эти толо элек, Балбан чагы боло элек* («Манас»). *Борбуй эти толо электе оор эмгек, кайгылуу турмушту өткөрүп чоңойду* (Баялинов). **Этбетинен кетүү** — бир нерсеге кызуу, жандуу аракет кылуу, жандуу киришүү. *Этбетинен кетип эзилише сүйлөшүү.*

ЭТ II *этиш.* Кыймыл-аракеттин болушун, бир нерсенин иштелишин билдирүүчү көмөкчү этиш. *Эмгек этип жашыңдан, Элге жаксаң эң кызык* (Токтогул). *Чоң эне азыр жай сүйлөп, нөбересине өткөндү баян этти* (Сыдыкбеков). *Чоңдордун жеңиси Орусбектин сезимине таасир этти* (Сыдыкбеков). *Карагай таш тийгендей сөлк этти* (Аалы). *Машина лып этип келип токтой калды* (Жантөшев). *Каныбек акырын гана күңк этип койду* (Жантөшев). *Мылтыктын тарс эткен үнү чыкты* (Баялинов).

ЭТАЖ *зат.* Көп кабаттуу үйдүн, имараттын айрым кабаты.

ЭТАЖЕРКА *зат.* Биринин үстүнө бири орношкон текчелери бар мебелдин бир түрү. *Оң жак терезеге жакын этажерка, ага жанаша стол коюлган* («Ала-Тоо»).

ЭТАЛОН *зат.* Өлчөө бирдигинин так белгиленген үлгүсү.

ЭТАП *зат.* Кандайдыр бир нерсенин өсүшүнүн жекече, өзгөчө учуру, стадиясы, баскычы. *Эл чарбасын өнүктүрүүнүн жаңы этабы.*

ЭТЕК *зат.* **1.** Кийимдин, үзүктүн ж. б. нерселердин төмөн жагы, аяккы бөлүгү. *Этекти кессең жең болбойт, Эзелки душман эл болбойт* (макал). *Аттаганда тонумдун этеги бутумун учуна оролуп калды*

2. Тоонун, адырдын, бөксөнүн ж. б. эңкейиштеп, жантайып түгөнгөн жери, түгөнүшү. *Көк түтүн каптап, чаң ызгып, Көрүнбөй тоонун этеги* (Бөкөнбаев). *Кыштактын бир учу түндүк тарапка созулуп кетсе, бир учу тоонун этегине чейин барат* (Таштемиров).

◆ **Этегинен жалгоо** — балалуу болуу, бала төрөө. *Жамила этегинен жалгап, эркек балалуу болду* (Сыдыкбеков). **Этегин кармоо** — бирөөгө жамынуу, таянуу, ишенүү. *Башкарманын этегин кармап иш кылдым* («Ала-Тоо»). **Чалма этек** — үйоокатын, кийим-кечесин тың күтө албаган, жүдөө, булганч (аялдарга карата). *Алма этекти алам деп, чалма этектен айрылдым* (макал). **Этегине намаз окуу** — бирөөгө кошомат кылуу, жагынуу. **Этеги** *же* **этекжеңи жайылуу** — иши оңолуу, оокаты, байлыгы кенелип, бейпилчиликте жашоо. **Этеги суюк** — ойношчул, жүрдөөк. **Этек кир** — айыз, менструация. **Этеги такымына жетпөө, этеги узарбоо** *же* **этеги эки болбоо** — турмушу оңолбоо, жарыбоо.

ЭТЕКТЕ *этиш.* **1.** Кийимдин этегинен алуу, этектен кармоо. *Батыш эшикке чыгып бараткан эрин этектеп кармап калды* (Байтемиров).

2. *өт.* Акидей асылып сурануу, тиленүү. *Жолоочуну өткөрбөй, Этектейсиң ач көздүк* (Барпы).

3. Тоонун ж. б. этеги, эңкейиштеп түгөнгөн жери менен жүрүү, этектерге конуу ж. б. *Кызыл тоону этектеп, Кыргыек салып кеткенби* (Тоголок Молдо).

ЭТЕКТӨӨ **этекте** этишинин кыймыл атоочу.

ЭТЕКТҮҮ *сын.* Этеги бар, этеги чоң, жазы. *Этектүү чий калпак.*

ЭТИБАР: этибар албоо — назар бөлбөө, көңүл бурбоо, байкас албоо. *Комуздун баркын билбеген Султаналы аны этибар алган жок* («Ала-Тоо»).

ЭТИЕТ *сын.* Сак, сактанып аракеттенген, эптүү, чебер. *Кыймыл-аракети этиет киши. Каныбек, өзүңө өзүң этиет бол* (Жантөшев).

ЭТИЕТТЕ *этиш.* Этиет кылуу, сак, кылдат болуу, чебердөө, абайлоо, байкоо. *Сындырбай, этиеттеп кармоо. Этиеттеп басуу.*

ЭТИЕТТӨӨ **этиетте** этишинин кыймыл атоочу.

ЭТИКА *зат.* **1.** Коомдук ан-сезимдин бир формасы болгон мораль, адептүүлүк жөнүндөгү философиялык окуу.

2. Белгилүү бир таптын, коомдук топтун, кесипчиликтин жүрүш-туруш, адептүүлүк нормаларынын жалпы жыйындысы, моралы.

ЭТИКЕТКА *зат.* Товардын, дарынын ж. б. аты, баасы же башка маалыматтары көрсөтүлгөн жазуусу бар кагаз.

ЭТИМАЛ ыктымал менен бирдей.

ЭТИМОЛОГ *зат.* Этимология боюнча адистиги бар тилчи.

ЭТИМОЛОГИЯ *зат.* Сөздөрдүн чыгышын, тек жагынан болгон катышын изилдөөчү тил илиминин бөлүгү.

ЭТИОЛОГИЯ *зат.* Оорунун пайда болушун жана анын чыгыш себептерин медициналык жактан изилдөө, аныктоо иши.

ЭТИШ *зат.* Заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирүүчү сөз түркүмү.

ЭТКЕЛ *сын.* Болук, толук, семиз, эттүү. *Эрке эткелинен келип балкайган кара тору аял эле* (Байтемиров).

ЭТНОГЕНЕЗ *зат.* Элдин чыгышы.

ЭТНОГРАФ *зат.* Этнография боюнча адистешкен окумуштуу.

ЭТНОГРАФИЯ *зат.* 1. Элдердин материалдык маданиятын, салтын, үрп-адатын, турмуш өзгөчөлүктөрүн ж. б. жактарын изилдөөчү илим.

2. Кандайдыр бир элдин, улуттун, уруунун маданиятынын, салтынын, турмушунун жалпы өзгөчөлүктөрүн түзгөн белгилер.

ЭТСИРЕ *этиш.* Көптөн бери эт көрбөй, этти сагынуу, самоо, эт жегиси келүү.

ЭТСИРЕТ этсире этишинин аркылуу мамилеси.

ЭТСИРӨӨ этсире этишинин кыймыл атоочу.

ЭТТЕН *этиш.* Семирүү, эт кошулуу, эт толуу. *Мал эттене баштады.*

ЭТТЕНТ эттен этишинин аркылуу мамилеси.

ЭТТЕНҮҮ эттен этишинин кыймыл атоочу.

ЭТТҮҮ *сын.* Семиз, семирген, эти толук. *Эттүү мал.*

◆**Ак эттүү** — тез арыктап, тез семирип кетпеген, этин бир калыпта сактаган, чыдамдуу, бышык (көбүнчө жылкыга карата). **Кара эттүү** — тез арыктап, тез семире турган, этин бир калыпта сактабаган, бош, борпоң (көбүнчө жылкыга карата).

ЭТЮД *зат.* Сүрөт искусствосуна таандык кандайдыр бир чыгарманын же анын айрым бөлүгүнүн жалпы болжолун, дагы өнүктүрүлө турган алгачкы көрүнүшүн элестетүүчү сүрөт, скульптура, картинка. *Булар графикалык жана живопистик этюддар эле* («Советтик Кыргызстан»).

ЭФИР *зат.* 1. Радио толкундары тарала турган аба мейкиндиги, жалпы эле аба.

2. Медицинада, парфюмерияда, техникада колдонулуучу түссүз, учуп таралуучу жана мурунду ачыштыра жыттануучу суюктук түрүндөгү органикалык бирикме.

ЭХ *сырд.* Кубанганда, өкүнгөндө ж. б. учурда айтылат. *Эх, кулунум эске түшсө, жашым агат* (Алты). *Эх, кандай сонун.*

ЭЧ *бөл.* Тануу, күчөтүү, маанисинде колдонулат. *Эч нерсе жок биздин улуу Мекенде Лениндин идеясы ишке ашбеген* (Аалы). *Белек Темировго эч жоо кайтарбады* (Жантөшев).

ЭЧАК *такт.* Небак, небакта, алда качан, көп мурда. *Койлор эчак кырды ашып кеткен* (Баялинов).

ЭЧЕ нече менен бирдей.

ЭЧЕН нечен менен бирдей.

ЭЧКИ *зат.* Кылчык узун жүндүү, мүйүздүү майда жандык (үй айбаны жана жапайы айбан). *Төөгө минип, эчкиге жашынба* (макал). *Тоо эчки.*

◆**Эчки маарак** — узун тумшуктуу, сазда жашоочу, эчкинин маараганындай үн чыгарган кичинекей канаттуу. *Эчки маарак, кашкалдак, Ызгыт менен ак чардак Көлдүн четин булгаган* (Тоголок Молдо).

ЭЧКИР *этиш.* Үн чыгара катуу ыйлоо. *Эчкирип кетет куурагыр, Көзүнөн кетип мончок жаш* («Эр Табылды»).

ЭЧКИРҮҮ эчкир этишинин кыймыл атоочу.

ЭЧТЕКЕ *ат.* Эч нерсе, эч кандай. *Менин жанымда эчтекем жок* (Элебаев).

ЭЧТЕМЕ *ат.* Тануу иретинде колдонулат. *Эчтеме жок. Эчтеме болбоду.*

ЭШ I *зат.* Жолдош, таяныч, медер, кара. *Бири-бирибизге эш болуп, чогуу окуганыбыз жакшы эмеспи* (Бейшеналиев). *Бул элдин эш кылганы сенсиң, балам* (Аалы).

ЭШ II *этиш.* Жүндү, буланы ж. б. материалдарды аркан, жип ж. б. жасоо үчүн чыйратуу. *Мен жүн тытып, көтөрмө эштим* (Сыдыкбеков). *Ал эртеңкиге тузак эшип, кылтак даярдады* (Аалы).

ЭШ III *этиш.* 1. Уратуу, шилеп куюлтуу, бир жагын көздөй шилеп таштоо (мис., кумду, топуракты, карды ж. б.). *Кумду эш. Топуракты эш. Жээрде кашка ак карды эшип-эшип тээп, тулаңды оттойт* (Жантөшев). *Найзасы курч болоттон, Жарды сайса эшкендей* («Манас»).

2. Жарып таштоо, жара тартуу. *Ачуума тийсең сен менин, Айлыңда кардык эшемин* («Эр Табылды»). *Канжар менен курсагын эше сайды.*

ЭШЕЙ *этиш.* Шелпейип жүдөө, жүдөө көрүнүү, кейпи кетүү. *Ал эшейген көк быштыны көрдү* (Сыдыкбеков).

ЭШЕЙТ эшей этишинин аркылуу мамилеси.

ЭШЕЙҮҮ эшей этишинин кыймыл атоочу.

ЭШЕК *зат.* Жылкы түркүмүнө кирүүчү жапыз бойлуу, узун кулак, башы чоң, күч унаа катары гана пайдаланыла турган үй айбаны. *Эшектин жүгү жеңил болсо, жаталак болот* (макал). *Эшектин күчү адал, сүтү арам* (макал).

◆**Эшек жыгач** — үстүнө чыгып, имараттын (үйдүн же башка курулуштун) бой жетпеген жерин шыбоо, актоо же жасалгалоо, ремонттоо иштерин жүргүзүү үчүн колдонулуучу стол сыяктуу төрт буттуу жасалга. *Шыбакчы эшек жыгачты коюп там шыбады.*

ЭШЕЛОН *зат.* 1. Катарга тизилген жоокерлердин, аскерлердин бөлүгү, тобу, подразделениеси.

2. Атайын бир нерсени ташуу үчүн бөлүнгөн поезд; поезддин составы, бирикмеси. *Дагы бир эшелон бала келиптир —деди карыя* (Убукеев).

ЭШЕН *зат. дин.* 1. Меке менен Мединада динди үгүттөгөн Мухамеддин тукумдары жана андан тараган, ошол кесипти кылган динчилдер.

2. Динге жан-дили менен берилген, молдодон кийинки диний даражадагы адам. *Кожо, молдо, эшенге Орозо, намаз дин кызык* (Токтогул).

ЭШИК *зат.* Үйдүн, короонун ж. б. кирүү, чыгуу үчүн ачык калтырылган жери жана анын каалгасы. *Эшикти ачты бир келин, Эңкейип кирди Сыргажан* (Бөкөнбаев).

2 Үйдүн сырты, айлана-тегереги. *Эшикте шамал басылып калыптыр* (Сасыкбаев).

3. *өт.* Жол, мүмкүндүк. *Совет өкмөтү илимге эшикти кең ачты* (Убукеев).

◆**Эшик-төрүн көрүү** — үй-жайын, үй-бүлөсүн көрүү, үйүндө болуу. *Үйгө барып, эшик-төрдү көрүп кетиңиз* (Жантөшев). **Эшик ага** — жородо сырттан киши кийирбей, эшик сактап туруучу адам. *Эшик ага болгон адамды төрдө отургандар тамашалап жатышты.* **Эшик ачар** — кызды көрүүгө келгенде күйөөсү келиндерге берүүчү акча, мүлк. *Жеңкетайды, эшик ачар, төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев).

ЭШИКТЕШ *сын.* Эшиктери бири-бирине маңдайлаш, коңшулаш; айылдаш, ирегелеш, кошуна. *Алмамбет, Чубак ордосун Таласка эшиктеш кылып тиксин дейт* («Манас»).

ЭШИЛ эш этиштеринин туюк мамилеси.

ЭШИЛМЕ *сын.* Эшилип, куюлуп кете турган (мис., кум). *Эшилме кумдуу чалкак бел* («Манас»).

ЭШТИР эш этиштеринин аркылуу мамилеси.

ЭЭ I *зат.* 1. Кожоюн, өз менчигине тиешелүү мүлктүн, байлыктын ж. б. башкаруучусу, кожоюну. *Өзүң көргөн көп малга Ээ болчу тук адам жок* (Үсөнбаев).

2. Бир нерсени башкара, пайдалана билген, жөнүн билген киши. *Азыркы техниканын ээси — жаштар.*

3. *грам.* Сүйлөмдөгү ойдун негизин ээлеген сөз.

ЭЭ II: ээ-жаа бербөө — токтоо бербөө, улам күчөө, албууттануу, тажаалдануу. *Бурулчанын ачуусу келгенде булкунуп, ээжаа бербей кетме жайы бар* (Байтемиров).

ЭЭ III *сырд.* Бир нерсеге кайрылганда, нааразыланып же көңүл бөлбөй койгон учурда айтылат. *Ээ, баатыр, жол болсун!* — *деди* (Осмонов).

ЭЭК *зат.* Жаактын асты жагындагы тегерек тарткан урчуктуу бөлүгү. *Жаагы жазы, ээги дүңү, Эрди калың, көзү үңкүр, Эр мүнөзү көрүндү* («Манас»). *Эңсеген элим аманбы? Эзгимдеги сакалым Элсизде жүрүп агарды* (Токтогул).

◆**Ээги түшкөн** — абдан карыган, карылыгы жеткен. *Ээгим түшсө мейличи, Эрмек болуп жатамын* (Токтогул). **Кызыл ээк** — тиши түшкөн, тиши жок. *Кызыл ээк кемпир. Кызыл ээк абышка.* **Ээк алдында** — өтө жакын, алыс эмес, жакын аралыкта, алды жакта. *Ээк алдыңда душман бар, Эбин тап киргиле* («Эр Табылды»). **Ээк алгыч** — элечектин ээк алдынан өткөрүлүп, ээкке чалына турган кууш тилке бөлүгү.

ЭЭЛЕ *этиш.* Ээ болуу, өзүнө менчиктөө, тиешелүү кылуу, өз карамагына каратуу. *Ээн жаткан жылкыңды, Ээлеп алдым, билдиңби?* («Эр Табылды»). *Керимбай бүтүн ээлеген Кетмен-Төбө базарын* (Токтогул) *Ак кардуу тоону ээлеген — Ата журтум кыргыз эл* (Токтогул).

ЭЭЛЕН I *этиш.* Өз оюндагысын, өз каалаганын иштөөгө умтулуп жээлигүү, элеп-желеп болуу. *Ээн баштын белгиси, Ээленет ыкка көнбөстөн* (Осмонкул). *Барам деп эле ээленип калды* (Жантөшев).

ЭЭЛЕН II ээле этишинин өздүк мамилеси.

ЭЭЛЕНТ ээлен I этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЭЛЕНҮҮ ээлен I этишинин кыймыл атоочу.

ЭЭЛЕТ ээле этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЭЛИГҮҮ ээлик этишинин кыймыл атоочу.

ЭЭЛИК *этиш.* 1. Самаган, тилеген максатыма жетсем деп, токтоно албай күүлөнүү, чыдамсыздануу, ээленүү. *Бат эле жетсек экен деп ээлигип келе жаткан чалдар* (Сыдыкбеков).

2. Кызуу, токтоо бербөө, оозун тарттырбоо (жылкыга карата). *Ээлигип тулпар чуркады* (Калык).

ЭЭЛИКМЕ *сын.* Ээлигип кетме, оолукма. *Эр көкүрөк ээликме, Сөзүңдө заарың бар экен* («Эр Табылды»).

ЭЭЛИКТИР ээлик этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЭЛӨӨ ээле этишинин кыймыл атоочу.

ЭЭН *сын.* 1. Эл жашабаган, эч ким жок, киши ээлебеген. *Ээн талаа. Ээн үй. Ээн жер.*

2. Эркинче, бош; кароосуз. *Эзгиңдеги көп сакал Ээн койдуң тарабай* (Токтогул). *Карышкыр талаада ээн койлорду кыра берди* (Төголок Молдо).

◆**Ээн-эркин** — каалагандай, ойдогудай, жай, шашпай. *Эки жаш ээн-эркин ойноп жүргөндө, бардык көңүлдө болгон капалык чыгып кетет тура* (Байтемиров). *Ээн-эркин эс алып, Эми көөнүң жайлады* («Эр Табылды»). **Ээн баш** — бейбаш, тартипсиз. *Ээн баш баланды кой дечи.*

ЭЭНДЕ *этиш.* Ээн чыгуу, ээн болуу, киши жок, обочо жерге баруу. *Күндүз ээндеп, далда жерге барып сүйлөшөт* (Бейшеналиев).

ЭЭНДЕТ ээнде этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЭНДӨӨ ээнде этишинин кыймыл атоочу.

ЭЭНСИРЕ *этиш.* Ээн сезүү, өзүн ээн, обочо калгандай сезүү, коңултуктоо. *Караңгылаган сайын кара алачыкта отурган эмөө ээнсирей берди* (Убукеев).

ЭЭНСИРЕТ ээнсире этишинин аркылуу мамилеси.

ЭЭНСИРӨӨ ээнсире этишинин кыймыл атоочу.

ЭЭР *зат.* Миниле турган унаага (мис., жылкыга) токулуп, үстүнө минип отурууга ылайыкталып жасалган, үзөңгү, куюшкан тагылып, унаага басмайыл менен таңып бекитиле турган шайман, унаа турманы. *Үзөңгүдөн бут тайып, Ээрден көчүк кылтайып* («Манас»). *Адыл атынын ээрин алып, таң ашырып койду* (Жантөшев).

◆**Ээр-токум** — ээр, ичмек, тердик, желдик, басмайыл ж. б. сыяктуу токууга керек